Кырг.
03
К97

КЫРГЫЗСТАН



УЛУТТУК
ЭНЦИКЛОПЕДИЯ



АТАМБАЕВ АЛМАЗБЕК ШАРШЕНОВИЧ

Кыргыз Республикасынын Президенти.
2011-жылдын 30-октябрында шайланган.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯ

Башкы редактор АСАНОВ У. А.

РЕДКОЛЛЕГИЯ МҮЧӨЛӨРҮ

АЖЫБЕКОВ А. А., АКМАТАЛИЕВ А. А., АКМАТОВ К. А., АЛАГУШОВ Э. А., АЛЫМКУЛОВ К. А., АНДАШЕВ Д. Б. (жооптуу редактор), АРАБАЕВ К. И., АСАНКАНОВ А. А., БЕЙШЕЕВ З. Б. (Башкы редактордун орун басары), БЕКБОЕВ И. Б., БӨРҮБАЕВ А. А., БӨКӨШОВ Ж. Б., БРИМКУЛОВ У. Н., ЖАЙНАКОВ А. Ж., ЖАКИЕВ Б. Ж., ЖАПАРОВ А. У., ЖОРОБЕКОВА Ш. Ж., ЖУМАГУЛОВ Ч. Ж. (Башкы редактордун орун басары), МАМЫТОВ А. М., МОМБЕКОВ Р. Ч., МУСАКОЖОЕВ Ш. М., ОРУЗБАЕВА Б. Ө., ОСМОНБЕТОВ К. О., ОТОРБАЕВ К. О., САДЫКОВ К. Ж., САДЫКОВ Т. С., ТОКТОСУНОВ А. Т., ЧУБАКОВ Т. Ч.

«КЫРГЫЗ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ» БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫ

КЫРГЫЗСТАН

УЛУТТУК ЭНЦИКЛОПЕДИЯ

4

Каледон бүктөлүшү – Кяхта келишими



БИШКЕК — 2012

УДК 030
ББК 92
К 97

«КЫРГЫЗСТАН» УЛУТТУК ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫН ДАЯРДАГАН ИЛИМИЙ-ТАРМАК РЕДАКЦИЯЛАР ЖАНА БӨЛҮМДӨР

Башкы редактор Асанов Ү. А., жооптуу редактор Андашев Д. Б.

Башкы редактордун коомдук илимдер тармагы боюнча орун басары Жумагулов Ч. Ж.

Башкы редактордун табият жана техникалык илимдер тармагы боюнча орун басары Бейшеев З. Б.

Тарых, философия жана укук редакциясы
Керимова Ш. – редакция башчысы, Турганбаев Э. – жетектөөчү редактор, Абдылдабеков Т. – илимий редактор, Матанова Т. – редактор.

География, геология жана экология редакциясы
Бараталиев Ө. – редакция башчысы, Карачалова Р. – жетектөөчү редактор, Иманалиев Ч. – илимий редактор, Амираева Б. – редактор.

Тил, адабият жана искусство редакциясы
Акматалиев А. – редакция башчысы, Молдалиева М. – жетектөөчү редактор, Медералиева Ж. – илимий редактор, Бейшеналиева Р. – редактор.

Табият жана так илимдер редакциясы
Акматова Д. – редакция башчысы, Асанова Ж. – жетектөөчү редактор, Бегалиева Б. – илимий редактор, Эмилбек уулу А. – редактор.

Адабий көзөмөл, сөздүк жана жыйнактоо редакциясы
Төлөгөнова С. – редакция башчысы, Медералиева Ж. – илимий редактор, Алжакеева А. – редактор, Исабаева А. – редактор, Узакова А. – редактор.

Өндүрүш жана басма бөлүмү
Абдырахманова А. – бөлүм башчысы, Жолдошева Ж. – техникалык редактор, Сандыбаева Т. – оператор-калыптоочу, Касымалиев А. – сүрөт редактору-дизайнер, Мукамбетов У. – картограф, Топбаев О. – картограф, Мактыбаев А. – системалык администратор.

Эсеп-кысап бөлүмү
Чукушова К. – улук бухгалтер, Көчөрбаева А. – бухгалтер-кассир.

Соода-сатык бөлүмү
Садыкулова А. – бөлүм башчы, Рыспаева А. – китеп жайылтуучу.

«Кыргызстан» улуттук энциклопедиясын даярдоого жардам көрсөткөндөр:
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия, «Большая Российская энциклопедия» илимий басмасы, «Казак энциклопедиясынын» Башкы редакциясы.

«Кыргызстан». Улуттук энциклопедия: 4-том / Башкы ред. Ү. А. Асанов – Б.: «Кыргыз энциклопедиясы» башкы редакциясы, 2012. – 832 б., илл.

К 97

ISBN 978-9967-14-104-9

«Кыргызстан» улуттук энциклопедиясы – табият, тарых, илим, адабият, искусство, техника, экономика ж. б. тармактарды, ошондой эле дүйнөлүк цивилизациянын азыркы жана өткөндөгү урунттуу учурларын чагылдырган фундаменталдуу энциклопедиялык басылма.

К 5001000000 — 12
М 454 (11)

661542

УДК 030
ББК 92

ISBN 978-9967-14-104-9

© «Кыргыз энциклопедиясы» башкы редакциясы, 2012

Кк

КАЛЕДО́Н БҮКТӨЛҮШҮ (Caledonia – Шотландиянын лат. аты) – жер кыртышынын палеозой заманында (кембрий, ордовик, силур, кээде девон мезгилдеринде) пайда болгон бүктөлүүлөрү. Тоо пайда болуу, граниттешүү процесстери жүргөн. Терминди илимге биринчи жолу фр. геолог М. Бертран киргизген (1887). Каледониддерге Европа (Ирландия, Шотландия, Уэльс, Түн. Англия, Скандинавия ж. а-нын түн.-батыш тарабы, Шпицберген а.), Азия (Борб. Казакстандын батыш бөлүгү, Түн. Теңир-Тоо, Батыш Саян, Тоолуу Алтай, Монгол Алтайы, Кытайдын түш.-чыгышы), о. эле Чыгыш Австралия (Тасмания а. м-н бирге), түн. ж-а чыгыш Гренландия, Түн. Аппалач тоолору кирет. Урал, Жогорку Яна – Чукотка (түн.-чыгышы), Чыгыш Аляска, Борб. ж-а Түн. Анд ж. б. жерлерде кездешет. К. б. айрым жаш тоолор орун алган аймактарда да бар. К. б-нүн фазалары болуп, алгачкы каледон (алгачкы кембрий), салаир (ортоңку кембрийден акыркы кембрийдин аягына чейин), такон (акыркы ордовиктен силурдун башталышына чейин), акыркы каледон (силурдун аягынан девондун башталышына чейин), оркад (девондун орто ченинде) фазалары саналат. Алгачкы каледондо бүктөлүү цикли күчтүү жүрүп, чопо-сланецтүү (аспид), граувактуу, кээде флиштүү, карбонаттуу, спилит-кератофирлүү, диабаздуу катмарлар пайда болгон. Айрым жерлерге гипербазиттер тараган. Акыркы каледондо тоо пайда болуу процесси жүрүп, тоо арасындагы ойдундарга кызыл түстүү континенттик чөкмөлөр (моласстар) чөккөн. Эффузивдер м-н туфтардын калың катмарлары орун алган. Айрым аймактарда геосинклиналдуу онүгүү процесси толук аягына чыкпай калган. Четки ойдундар болбойт. Калийлүү граниттер аз кездешет. Ошентип К. б. кийинки бүктөлүүлөрдөн кескин айырмаланат. Кырг-нда Түн. Теңир-Тоо К. б-нон көтөрүлгөн. Көпчүлүк кен байлыктар К. б. м-н тыгыз байланышкан.

Ад.: *Пронин А. А.* Каледонский цикл тектонической истории Земли. Л., 1969; *Фёдоровский В. С. и др.* Тектоника, Метаморфизм и магматизм коллизионных зон каледонид Центральной Азии // Геотектоника. 1995. №3.

А. Бакиров.

КАЛЕМПИР – бакча өсүмдүгүнүн мөмөсүн кургатып, майдалап жасалган татымал (кызыл ж-а кара К.). Ал тилди ачыштырып, дүүлүктүрүүчү майда күкүм түрүндө болот, к. *Мурч* макаласын.

КАЛЕМПИР, саадактуу кызыл калемпир, капсикум (Capsicum) – өсүмдүктөрдүн ит жүзүмдөр тукумунун уруусу. Көп жылдык чала бадал же көп жылдык (эгилмеси бир жылдык) чөп. Бир жылдык эгилме түрү – бакча өсүмдүгү. Сабагынын бийиктиги 30–130 *см*. Жалбырагы жөнөкөй, гүлү чоң, ак же көгүш. Мөмөсү көндөй, көп уруктуу, кызыл, кызгылт сары, сары же күрөң түстө, салмагы 0,25–190 *г*. К. жылуу ж-а нымдуу жерде жакшы өсөт. 13°Сден төмөнкү температурада өспөйт, 0,3–0,5°С суукта үшүйт. К-ди күндүү жерге айдаган жакшы. Анын 4 түрү белгилүү: перу К-и (C. angulosum Mill), колумб К-и (C. conicum Meyer), ийилме К. (C. Pubescens R/ et P.), мексика К-и (C. annuum L.). КМШ өлкөлөрүндө мексика К-и Украина, Кавказ, Түн. Кавказ, Молдавия, Борб. Азия респ-ларында айдалат. Мексика К-инин мөмөсүндө сортуна жараша 4,1–8,4% кант, 1,5%тей белок, 13,9%ке чейин А витамини бар. КМШ өлкөлөрүндө гектарынан 200–300 *ц*ден түшүм алынат. К-дин 30дан ашык сорту райондоштурулган. Кенири таралгандары: таттуу К-дин Новочеркасск 35, Болгар 79, Новогогошары, Молдава 118; ачуу К-дин Астрахань 147, Астрахань 628, Алп, Украина ачуусу ж. б. Кырг-нда К-дин Болгар 79, Белек, Молдава, Рубин ж. б. сорттору көчөтүнөн өстүрүлөт. Мөмөсү тамак-ашка татымал катары пайдаланылат. Аны туздап, консервалап сактайт. Зыянкечтери: кидик үкүчө көпөлөк же помидор үкүчөсү, гозо үкүчөсү, нематода ж. б. Илдеттери: чирик, соолуу ж. б.



Калемпир: 1 – жалпы көрүнүшү; 2 – гүлү; 3 – мөмөсү.

КАЛЕНДА́РЬ (лат. calendarium – айдын биринчи күнү) – асман телолорунун көрүнгөн кыймы-

лынын мезгилдүүлүгүнүн негизинде убакыттын узак аралыгын эсептөө системасы. К. түзүүдө күн м-н түндүн, жыл мезгилдеринин алмашуусу, Ай фазаларынын өзгөрүшү пайдаланылат. Убакыт ченинин бирдиги күн м-н түндүн алмашуусу – *сутка*, Айдын Жерди айлануусу – ай, Жердин Күндү толук айлануусу *жыл* деп кабыл алынган. Натыйжада Ай, Ай-Күн ж-а Күн К-ы пайда болгон. Ай К-ында жыл 12 айдан, ар бир ай 29–30 суткадан туруп, бир жылда 354–355 сутка болгон. Ай К-ы мусулман өлкөлөрүндө таралган. Бул К. б-ча жыл эсептөө Мухаммед пайгамбар Мекеден кеткен күн – 622-жылдын 16-июлунан башталат. Мында айдын жаңырышы м-н башталып, узактыгы 29 *сутка* 12 *с* 44 *мин* 2,9 *сек*га барабар. Ай – Күн К-ы б-ча 19 жыл 235 айга барабар. Ар бир 19 жылдын ичинде 12 айлуу (29–30 күндүү) 12 жыл ж-а 13 айлуу 7 жыл бар. Бул К. байыркы мезгилде Вавилон, Кытай, Грекия ж-а Римде кеңири тарап, азыр Кытай, Израиль, Корея, Монголия, Япония ж. б. өлкөлөрдө колдонулат. Күн К-ы б. з. ч. 4-миң жылдыкта Египетте түзүлгөн. Бул К-да жыл 365 күндөн туруп, ар бир айында 30 күн болгон 12 айга бөлүнөт; жыл аягына эч бир айга киргизилбеген 5 майрам күн кошулган. Буга Юлий, Григорий ж. б. К-лар кирет. Юлий К-ы б. з. ч. 46-ж. Рим диктатору Юлий Цезардын чечими м-н кабыл алынган. Ал б-ча жыл 365 суткадан, 7 ай 31, 4 ай 30, февраль 28 күндөн турган. Мында ар бир жыл 6 саатка кемип отуруп, 4 жылда 1 суткага жеткен, ошондуктан ал сутканы ар бир 4-жылга кошууну чечишкен. Мындай жыл (мис., 1972, 1976, 1980 ж. б.) «узак жыл» (високосный) деп аталып 366 күндөн турат. Бул К. б-ча жылдын орт. узактыгы анын табигый убактысынан жылына 11 *мин* 14 *сек* ашып отуруп, 128 жылда 1 суткага жетип, ынгайсыздыкты жараткан. Рим папасы Григорий XIII, Юлий К-ындагы мүчүлүштү жоюу максатында Григорий К-ын түзгөн. Аны түзүүдө белгилүү астроном ж-а математиктер Игнацио Данти, Луижи Лилио, Христофор Шлюсель катышкан. Жазгы күн м-н түндүн теңелүүсүн 21-мартка тууралап, андан ары анын бул күндөн кечикпешин камсыз кылуу үчүн, 1582-жылдын 4-октябры – бейшембиден кийинки он күндү кыскартып, кийинки жума күндү 15-октябрь деп эсептөөгө буйрук кылган. Бул К-да аягы 00 (мис., 1700, 1800, 1900, 2100) м-н бүткөн, бирок 400гө так бөлүнбөгөн ж-а 4кө калдыксыз бөлүнгөн жылдарды узак жылдар эмес деп атоо сунушталган. Бул К. ар кайсы убакта Европа өлкөлөрүндө колдонула баштаган. СССРде 1918-ж. В. И. Лениндин сунушу б-ча 14-февралдан баштап киргизилген.

Кыргыз элинде Ай К. колдонулган. Алгач бул Хижра деп аталган. Анда жылдар 12 жаныбардын аты м-н аталат (к. *Жыл сыруу*). Он эки жылдан кийин кайра башынан башталат. Бир жыл 12 айга бөлүнүп, айлар: жалган куран (март), чын куран (апрель), бугу (май), кулжа (июнь), теке (июль), баш оона (август), аяк оона (сентябрь), тогуздун айы (октябрь), жетинин айы (ноябрь), бештин айы (декабрь), үчтүн айы (январь), бирдин айы (февраль) деп аталат. Ай К-ы б-ча жаңы жыл 18–20-мартка туура келген. Айдын 7 күнүнө дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби, жума, ишемби, жекшемби деп ат коюлуп, алар жалпысынан жума же апта деп аталат.

КАЛЕНДАРЬ – жыл ичиндеги [illegible]өр, жумалар, айлар ырааттуу тизмектелип [illegible]рон. ж. б. маалыматтар м-н коштогон басылма. К-дын бир нече түрү бар: табель-календарь, характама, айрып алма, альбом түрүндөгү, стол үстүнө коймо ж. б. Азыркы мезгилде түрдүү иш-кәсттер м-н кооздолгон, сүрөттүү К-лар чыгарылат.

КАЛЕСАЙ (КӨӨЛҮҮ-САЙ) БЕРИЛЛИЙ КЕНИ Чүй обл-нун Кемин р-нунда. Кемин т. ж. бекетинен 43 *км* түн.-чыгышта, Куутессай II кенинин карьеринин түш.-чыгышында, Ак-Түз кыш-нан 1,8 *км* батышта, деңиз деңг. 2600 *м* бийикте жайгашкан. 1959–68-ж. чалгындалып, запасы эсептелген. Кен ядросу протерозойдогу гнейстүү ак-түз свитасындагы ак-түз антиклиналында жайгашкан. Анын протерозойдогу көпүрө-сай свитасынын амфиболдуу сланецтерден түзүлгөн канаттарына Түн. ж-а Түш. деп аталган эки кенташтуу аймак туура келет. Бериллий минералдашуусу талаа шпаты-флюорит-фенакиттин өтө жука (*ммден* 2,5 *см*ге чейин) тарамдары м-н байланышкан. Сланецтеги тарамдар чогулуп, штокверкти түзөт. Түн. штокверк аймагында 253 кенташ тарамы бар, штокверктин калыңдыгы 200 *м*, уз. 800 *м*. Түш. штокверктин калыңдыгы 200 *м*, уз. 1600 *м*, анда 700 кенташ тарамы бар экендиги аныкталган. Негизги минералы – фенакит, андан башка гетгельвин, гельбертрандит, бавенит, баверит, берилл, миларит минералдары кездешет. Бериллий кычкылынын орт. олчому – 0,127%, запасы C_1 категориясы б-ча 10170 *т*, C_2 – 1531 *т*.

КАЛЕ́СНИК Станислав Викентьевич [10(23). 1. 1901, Санкт-Петербург – 13. 9. 1977, Ленинград] – гляциолог ж-а физ. географ. СССР ИАнын академиги (1968; корр. мүчө, 1953). 1929-ж. Ленинград ун-тин бүтүргөн. 1950-жылдан анда физ.-география кафедрасынын башчысы. 1936–37-ж. арктика деңиздеринде сүзүп, Жаңы Жер ж. б. аралдарды изилдеген. 1955-жылдан СССР ИАнын Кол таануу ин-тунун директору. Эмгектери негизинен жалпы жер таануу, ландшафт ж-а гляциологиянын теорияларына, Борб. Теңир-Тоо м-н Жунгар Ала-Тоосунун геоморфологиясына арналган. Гляциология ж-а физ. географияга – хионосфера, муздуктун энергиясы,

геогр. структура ж. б. жаңы түшүнүктөрдү, терминдерди киргизген. 1964-жылдан СССР география коомунун президенти. Эл аралык геогр. союздун вице-президенти (1968–72). Краков ж-а Фин (Турку) ун-ттеринин ардактуу доктору. Эки Ленин, Эмгек Кызыл Туу ж. б. орден ж-а медалдар м-н сыйланган. Иле ж-а Жунгар Ала-Тоосундагы, Уюлдук Уралдагы моңгулөр К-тин [illegible]нан аталган.

[illegible]: Горные ледниковые районы СССР. М.; Л., [illegible] Основы общего землеведения. М., 1955; Современное состояние учения о ландшафтах. Л., 1959; О [illegible]кации географических наук//XIX Международный географический конгресс в Стокгольме. М., [illegible]; Очерки гляциологии. М., 1963; Энциклопедический словарь географических терминов. М., 1968 (гл. ред.); Общие географические закономерности Земли. М., 1970.

Ад.: *Краснопольский А. В.* Отечественные географы (1917–1992). СПб., 1993. Т. 1.

КАЛИ́ – Колумбиянын батышындагы шаар. Валье-дель-Каука департаментинин адм. борбору. Чыгыш Анд Кордильерасы кырка тоосунун чыгыш капталында, деңиз деңг. 1005 *м* бийикте жайгашкан. Калкы 2,2 млн (2008; шаар айланасы м-н); калкынын саны ж-а экон. маанизи б-ча Колумбиядагы 3-шаар. Ири жолдор тоому. Эл аралык аэропорту бар. Метрополитен курулууда. 1536-ж. негизделген. Кафедралуу собор, чиркөө (1757–64), капелла ж-а мунара (экөө тең 18-к.) сакталган. Ун-ттер, Олимпиялык спорт гимназиясы, музейлер (а. и. иск-во, археол., тарых, заманбап иск-во, алтын буюмдар коллекциясы ж. б.), театрлар бар. Колумбия ири спорт борбору. Панамерика оюндары (1971), сууда сүзүү спортунун дүйнөлүк чемпионаты (1975), аялдар (1975) ж-а эркектер (1982) арасында баскетбол б-ча чемпионат өткөрүлгөн. Ат майдан, зоопарк бар. Тамак-аш (негизинен кант, спирт, алкоголдуу ичимдиктер, шалы акталат, ун), жеңил, текстиль, булгаары-бут кийим, цемент, хим., машина куруу (а. и. электр-тех., электроника), целлюлоза-кагаз, түстүү металлургия ө. ж. ишканалары иштейт. К. – а. ч-луу ири аймактын борбору. Бал камыш, пахта, тамеки, какао, кофе, цитрус өсүмдүктөрү, күрүч, арпа, киноа, маниок, картошко айдалат. Шаардын түштүгүнөн таш көмүр казылып алынат. Четжакасында көптөгөн «кант асьендалары» (анын айрымдары колониялык турмушту элестеткен майда музейлерге айландырылган) сакталган.

КАЛИ́ГУЛА Гай Юлий Цезарь (лат. caligula – өтүкчү; мындай атты кичинекей чагында аскердин өтүгүнө окшогон өтүктөрдү кийген үчүн алып калган) (12, Анциум – 41, Рим) – Рим императору (37-жылдан); Юлий – Клавдийлердин династиясынан, Германиканын уулу, Тиберийдин ордун басуучу. Ал чексиз бийлик жүргүзүүгө аракеттенген. К. мамл. каражаттарды (преториандар үчүн сыйлыктарды, триумфтарды, оюн-таамашаларды уюштуруу ж. б.) короткону үчүн байлардын (өзгөчө сенаторлордун) байлыктарын конфискациялап ж-а салыктарды көбөйткөн. К-нын мүнөзүнүн катаалдыгы преториандардын ж-а сенаторлордун нааразычылыгын туудуруп, өзүнүн хан сарайында Кассий Херей тарабынан өлтүрүлгөн.

КАЛИЕВ Рысбек (22.2.1950-ж. т., Ысык-Көл обл., Тоң р-ну, Тоң айылы) – медицина илимд. доктору (2004). КРдин эмг. сиң. врачы (2009). КММИни (1974), Москва мед. ин-тунун аспирантурасын (1979) бүтүргөн. КММИде ассистент (1979–87), доцент (1987–88), кафедра башчысы (1988–2004), проректор (2004–08) болуп иштеген. 2008-жылдан кафедра башчысы. 60тан ашык ил. эмгеги, а. и. 2 монографиясы бар.

Эмг.: Бойроктун бруцеллёздо жабыркоосу (авторлош). Б., 1999; Өнөкөт гломерулонефрит тоо шартында. Б., 2002.

КА́ЛИЙ (лат. Kalium), К – *элементтердин мезгилдик системасынын* I тобундагы хим. элемент. Щелоч металлдар тобуна кирет; ат.н. 19; ат. м. 39,102. Анын 3 изотобу бар. ^{39}К, ^{40}К ж-а ^{41}К. Жасалма изотопторунун эң маанилүүсү ^{42}К (T1/2=12,52 жыл); ал индикатор катары химия, биология ж-а медицинада кеңири колдонулат. К-ди 1807-ж. англ. химик ж-а физик Г. Деви КОНты электролиздөө жолу м-н алган. К. – күмүш түстүү, жумшак ак металл; тыгыздыгы 0,862 *г/см*^{3}, эрүү t 63°С, кайноо t 776°С; электр тогун жакшы өткөрөт. Табиятта жер кыртышынын массасы б-ча 2,6% ин түзөт. Негизги минералдары – сильвинит (NaCl·KCl); карналлит (KCl·$MgCl_2$·$6H_2O$); каинит – KCl·$MgSO_4$·$3H_2O$. К. – өтө активдүү элемент. Абада тез кычкылдангандыктан, керосин же бензинде сакталат. Ал дайыма I валенттүү. Кычкылтек м-н оксид ж-а пероксиддерди (K_2O, K_2O_2) пайда кылат. Жогорку темп-рада (200°С) суутектүү чөйрөдө гидридди KN, электр зарядынын таасири астында азот м-н азидди KH_3 ж-а нитридди K_3N берет. Галогендер ж-а к-талар м-н активдүү аракеттенип, туздарды (KF, KCl, KBr, KI, K_2CO_3, K_2SO_4) пайда кылат. К. күкүрт, көмүртек м-н ысытканда, сульфидди (K_2S), карбиддерди (KC_8, KC_{16}, K_2C_2) берет. К-дин жардамы м-н кычкылдарды (B_2O_3, Al_2O_3 ж-а SiO_2) калыбына келтирүүгө болот. К. спирттер м-н орг. кошулмалары болгон алкоголяттарды, *ацетилен, этилен* м-н карбиддерди пайда кылат. К-ди алуу орун алмашуу реакциясына негизделген: KCl + +Na = K + NaCl; 6KCl + 2Al + 4CaO = 6K + +3$CaCl_2$ +CaO + Al_2O_3; K_2CO_3 + 2C = 2K + 3CO. Негизги бирикмелеринен KCl, K_2SO_4 – жер семирткич, K_2S, $KMnO_4$ – медицинада ж-а ветеринарияда, KBr фотографияда, KF – металлургияда, K_2CO_3 самын ж-а айнек жасоодо ж. б. колдонулат. К. өсүмдүк, жаныбарлардын курамына кирет. Жаныбарлар К-ди эт ж-а өсүмдүк

азыктарынан, өсүмдүктөр топурактан алат. К. жетишсиз болсо өсүмдүктүн өсүшү начарлайт. К-дин иондору жүрөктүн, булчуңдардын жыйрылуусун жөнгө салууга, осмос басымын кармап турууга ж. б. катышат.

КА́ЛИЙ ЖЕР СЕМИРТКИЧТЕРИ – өсүмдүктүн азыктанышына, өсүп-өнүгүшүнө керектелүүчү калийлүү минерал. Калий азот ж-а фосфор сыяктуу эле өсүмдүктөрдүн өсүп-өнүгүшүндө негизги орунду ээлеген микроэлементтердин бири. Эң жөнөкөй ж-а арзан жер семирткич болуп эсептелет. Өсүмдүктү күйгүзгөндөн калган күлүн К. ж. с. катары пайдаланса болот. Өсүмдүктүн түрүнө жараша калий ар кандай санда болот, мис., күн караманын күлүндө 30–40%, кара буудай саманынын күлүндө 20% ж. б. Өсүмдүктү кошумча азыктандыруу үчүн пайдаланылат. К. ж. с. калий туздары бар тоо тектеринен алынат. К. ж. с. чийки калий тузу ж-а концент. калий тузуна бөлүнөт. Концент. К. ж. с-не хлордуу калий, калий күкүрт кычкылы, 30–40% түү калий туздары, калимагнезия, шакар, күл кирет. Булар негизинен ө. ж-лык жол м-н алынат. Чийки калий тузу табигый калий тузун майдалоо жолу м-н алынат. Чийки калий туздарынан сильвинит, каинит, карналлит, лангбейнит, полигалит маниге ээ. Хлордуу калийдин (KCl) – курамында 56–69% калий бар, ал негизги К. ж. с. Анда сильвинитке караганда хлор 4–5 эсе аз болуп, а. ч. өсүмдүктөрүнүн бардык түрүнө ар кандай топуракта пайдаланса болот. Хлордуу калий (40% түү калий тузу) майда майдаланган сильвинит же каинит м-н аралаштыруу жолу аркылуу алынат. Аны топуракка күзүндө себүү талап кылынат. Бирок хлорду көп талап кылбаган өсүмдүктөргө көп берилсе, анын сапатына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Калий сульфатын – K_2SO_4 (46% калий) бардык топуракта пайдаланса болот. Бирок хлорду көп талап кылбаган өсүмдүктөргө (тамеки, жүзүм, картөшкө ж. б.) кылдат пайдалануу керек. К. ж. с. картөшкө, беде ж. б. сыяктуу өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн ж-а сапатын жогорулатат.

М. А. Ахматбеков, Г. Эшимкулова.

КАЛИЙЛУУ ТАЛАА ШПАТЫ – минерал. Хим. курамы KAl_3O_8. Өз ичинен микроклин ж-а ортоклаз болуп эки түргө бөлүнөт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 6–6,5. С. салм. 2,54–2,57. Микроклин кызыл, чийкил кызыл, ортоклаз ак, саргыч, кызгылтым боз болот. Жаратылышта кеңири тараган минерал. Гранит, пегматит тектеринин курамына кирет. Карапа ө. ж-нда, кээде курулуш ишинде колдонулат. Айрым түрлөрү (амазонит ж. б.) асыл таштардын катарына кирет.

«КАЛИ́ЛА МЕНЕН ДИ́МНА» – араб ж-а фарс тилдериндеги дидактикалык адабий чыгарма. Инди китеби «Панчатантранын» 6-к-дагы фарс тилиндеги котормосу «К. м. Д.» деп аталган. Ал араб тилине 8-к-да которулган. 1762-ж. бул чыгарма орус тилине «Политические и нравоучительные басни Пильпая, философа индейского» деген аталыш м-н француз тилиндеги нускасынан которулган. 10-к-да Рудаки бул чыгарманы ырга айландырган. «К. м. Д.» түрк, татар, өзбек, казак тилдерине да которулган.

КАЛИМАНТА́Н, Б о р н е о – Малайя архипелагындагы эң ири арал; Чоң Зонд а-нын курамында. Чоңдугу боюнча Жер шарындагы Гренландиядан кийинки 2-арал; аянты 1 [illegible]3 миң $км^2$, жакынкы аралдары м-н 746,5 [illegible] $км^2$. Түш. Кытай, Сулу, Сулавеси, Ява деңи[illegible]и, Макасар ж-а Каримата кысыктары м-н [illegible]ганат. Басымдуу бөлүгүн Индонезия, түндүгү[illegible]а түн.-батышын Малайзия ж-а Бруней мамл[illegible]еттери ээлейт. Борб. ж-а түн.-чыгыш бөлү[illegible]рүндө кырка (эң бийик жери 4101 *м*, Кинабалу чокусу) ж-а бөксө тоолор, түш. ж-а батышында дөнсөөлүү түздүктөр ж-а саздак ойдундар жайгашкан. Тектон. жактан Альп – Гималай ж-а Батыш Тынч океан кыймылдуу обл-нын кошулган жеринде жайгашкан. Нефть, газ, көмүр, боксит, темир-никель-кобальт, о. эле жез, сурьма, алтын, күмүш, алмаз кендери бар. Экватордук алкакта жайгашкандыктан, дайыма ысык ж-а нымдуу климат өкүм сүрөт. Жылдык орт. температурасы түздүктөрдө 25–27°С; жаан-чачыны жылына 2000–4000 *мм*, тоолордо 5000 *мм*ге чейин жаайт. Дарыяларынын суусу мол, жыш; ирилери: Капуас, Барито, Махакам. К. – биол. ар түрдүүлүктүн дүйнөдөгү борборлорунун бири; өсүмдүктөрдүн 15 миңдей түрүнүн 3 миндейи дарак өсүмдүктөрү (260 түрү диптерекарп тукумундагылар), анын 155 түрү – эндемиктер. Аралдын аймагынын $^1/_2$ бөлүгүн токой ээлейт. Фаунага бай көп ярустуу дайыма жашыл тропик токою басымдуу. Шалы, кассава, каучуктуу өсүмдүктөр, кокос пальмасы өстүрүлөт. Ири шаарлары: Понтианак, Банжармасин, Самаринда (Индонезия), Кучинг, Кота-Кинабалу (Малайзия), Бандар-Сеги-Бегаван (Бруней). Аралдын токою адамдын таасиринен тез темп м-н суюлууда. Индонезия Танджунг-Питунг биосфералык резерваты, Гунунг-Палунг, Бентуанг-Каримум, Кутаи, Букит-Бака, Букит-Райя ж. б. улуттук парктар, эл аралык маанидеги Данау-Сентарум суусаз аймагы, Малайзияда Кинабалу (*Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген), Крокер кырка тоосу, Бако, Гунунг-Мулу, Ниах улуттук парктары, Табау тоо паркы бар. Айрым улуттук парктардын курамына деңиз акваториялары, жээкке жакын жайгашкан чакан аралдар, коралл рифтери да кирет. К-да сейрек кездешүүчү ж-а жоголуп бараткан айбанат түрлөрүнүн популяциясы корголот: орангутан, суматра кериги, кабылан, индия пили, малайя аюусу.

Ад.: Страны и народы. Зарубежная Азия. Юго-Восточная Азия. М., 1979.

КАЛИ́НИН Михаил Иванович [7 (19). 11. 1875, Тверь губерниясы, Корчев уезди, Жогорку Троица кыш. (азыркы Тверь обл., Кашинск р-ну) – 3. 6. 1946, Москва] – сов. мамл., парт. ж-а орус рев-ясынын ишмери, Соц. Эмг. Баатыры (1944). 1900-16-ж. рев-ялык иши үчүн бир нече жолу камалып, сүргүнгө айдалган. (1905–07-жылдагы) рев-янын катышуучусу, РСДРПнин Нарва р-ндук, Петербург к-ттеринин, куралдуу көтөрүлүш дөрдоо б-ча аскер штабынын мүчөсү. РСДРПнин 4-съездинин (1906) делегаты.



1908–10-ж. Москвада парт. иштерде. РСДРП(б) БКнин бюро мүчөсү (1912-13). 1917-ж. Февраль рев-ясына активдүү катышкан. РСДРП(б)нин Петроград к-тинин, «Правда» гезитинин редакциясынын, Жумушчу ж-а солдат депутаттарынын Петроград советинин мүчөсү. Октябрь рев-ясынан кийин (1917) Петроград шаар чарба комиссары, ББАКтын (1919–38), СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы (1938–46) болуп иштеген. РКП(б) БКнын мүчөсү (1919-46), ВКП(б) БКнын Саясий бюросунун мүчөсү (1926–46). Россияда Калининград ш., Калининград обл. ж. б., Кырг-нда кыштактар К-дин ысмынан аталат. Үч Ленин, эки Кызыл Туу ордендери м-н сыйланган. Сөөгү Кызыл Аянтка коюлган. 1946-ж. Москвада К-дин музейи ачылган.

КАЛИ́НИН – Нарын обл-нун Ат-Башы р-нундагы кыштак. Ак-Талаа айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 2190 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ат-Башы кыш-нан 20 *км* түш.-батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 245 *км*. Калкы 2855 (2007); негизинен мал багат. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар.

КАЛИ́НИН – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Жоош айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 740 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кара-Суу ш-нан 11 *км* чыгыш тарапта. Калкы 2280 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КАЛИ́НИН – Чүй обл-нун Жайыл р-нундагы кыштак. Красный Восток айыл округуна караштуу. Бишкек – Ташкент автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 729 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кара-Балта ш-на туташып кетет. Калкы 3805 (2007); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, амбулатория, медпункт ж-а дарыкана бар. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры М. Э. *Скворцова* туулган.

КАЛИ́НИНА Наталья Михайловна (8. 12. 1948-ж. т., Украина, Донецк) – техника илимд. доктору (1999), проф. (1999), КРдин илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (1998). Донецк мед. окуу жайын (1967), Москва тоо интун (1975) бүтүргөн. Ошол эле жылдан Карелияда тоо жардыруу иштери б-ча жетекчи болуп иштеген. 1979-жылдан Фрунзедеги «Союзвзрывпром» трестинин курулуш лабор-сында бургулап жардыруу иштери б-ча инженер, ФПИнин лабор-сында ага ил. кызматкер (1986–90), Кыргыз ССР ИАнын Тоо тектеринин физикасы ж-а механикасы ин-тунда (1990–94) иштеген. 1994-жылдан КРСУда проф., жарылуу физикасы ж-а синергетикасы лабор-сынын башчысы. Детонация ж-а синергетика теориясы б-ча адис. 80ден ашык ил. иштердин, а. и. 4 монографиянын, 10 ойлоп табуунун автору.

Эмг.: Низкоплотные и сверхнизкоплотные взрывчатые смеси. Механизм детонации (в соавторстве). Б., 1998; Оправдание синергетики. Синтез науки, философии и религии. Б., 2003.

КАЛИ́НИНА (Холинина) Роза Павловна (1. 1. 1924-ж. т., Татарстан, Казан) – геолог, Кыргыз ССР мамл. сыйл. лауреаты (1972). Казан мамл. ун-тин бүткөн (1947). «№14 Почтовый ящик» объектисинде геолог (1947–52), Кыргыз ССР геол. башкармалыгынын геол. бөлүмүнүн улук инженери (1952–77). Кырг-ндын сымап ж-а сурьма кендерин издөө, чалгындоо ж-а методикалык жетектөө б-ча зор эмгек сиңирген. «Ардак белгиси» ордени м-н сыйланган.

КАЛИНИНГРА́Д (1946-ж. чейин К ё н и г с б е р г) – Россиядагы шаар. Калининград облнун адм. борбору. Преголя д. Калининград булуңуна куя бериште жайгашкан. Балтика деңизи м-н терең суу каналы аркылуу байланышат. Калкы 422,3 миң (2007). Эл аралык аэропорту бар. К-да деңиз причалдары, деңиз порттору (тоңбогон) жайгашкан. Т. ж. тоому. Ири деңиз балык флотунун ж-а балык ө. ж-нын борбору. 1255-ж. негизделген. 1525–1618-ж. Пруссия герцогдорунун резиденциясы. 1701-жылдан Пруссия королдугунун, 1871-жылдан Германиянын курамында. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин 1945-ж. Потсдам конф-ясынын чечими м-н К. ж-а ага чектеш жаткан аймактар СССРге өткөн. 1946-жылдын 7-апрелинен РСФСРдин курамындагы Кёнигсберг (1946-ж. 7-июлдан Калининград) обл-нун адм. борбору. Машина куруу [телевизор, турмуш-тиричилик техникалары, ө. ж. жабдуулары, «Балткран» (порт кран-

Преголя дарыясынын жээги.



дарын ж-а жабдууларды чыгарат) өндүрүшү ж. б.], вагон куруу ж-а «Калининградгазавтоматика» (нефть-газ о. ж. үчүн жабдуу) з-ддору, «Золотое сечение» (жыгаччылык о. ж. үчүн), «Электр ширетүүчү», «Факел» (спутник системалары үчүн жабдуу), «Янтарь» (кеме ремонттоо) ишканалары, курулуш материалдар, тамак-аш (балык беленделет, сүт азыктары, кондитер, ичимдик ж. б.), тамеки о. ж., 2 ЖЭС иштейт. Шаардын борб. болүгүндө Кудай эне ж-а Ыйык Адальберт (13–14-к.; мунарасы 16-к.) ж-а готика стилиндеги кафедралуу соборлор (14–16-к.), Бранденбург, Король дарбазалары (королдордун статуялары м-н), Дер Дон мунарасы (19-к., учурда жакут музейи), форттор, бастиондор ж. б. сакталган. К. ш-нын аймагынын $^1/_3$ин парктар, бактар ж-а гүлбакчалар ээлейт. О. эле 130га жакын көл ж-а көлмөлөр кездешет. ИИИлер (а. и. балык ж-а океанография), 21 ЖОЖ (а. и. ун-т, филиалдар, өкүлчүлүктөр), Балтика балык промысели флотунун мамл. академиясы (1966; мурдагы жогорку деңиз окуу жайы), 2 театр, тарыхый-сүрөт музейи, сүрөт галереясы, филармония, философ И. Канттын бейити бар. Зоопарк уюштурулган. Жыл сайын эл аралык (орган музыкасы, иск-во ж. б.) фестивалдар өткөрүлүп турат. Шаар М. И. Калининдин ысмынан аталган.

КАЛИФО́РНИЙ (лат. Californium), Cf – *элементтердин мезгилдик системасынын* 7-мезгилинин 10-катарынын III тобунан орун алган жасалма жол м-н алынган радиоактивдүү хим. элемент, актиниддерге кирет. Ат. н. 98, ат. м. 251. К-дин 17 радиоактивдүү изотобу белгилүү, алардын ичинен бир кыйла туруктуусу – ^{251}Cf. К-ди 1950-ж. амер. илимпоздор Г. Сиборг, С. Томпсон ж-а А. Гиорсо кюрий элементинен ядролук реакциянын негизинде алышкан ж-а элементти ачылган жердин атынан (Калифорния штаты, АКШ) аташкан. К. – ак металл; эрүү t 986°C; бирикмелеринде +2, +3, +4, +5 ж-а +6 кычкылдануу даражасын көрсөтөт. К. кычкылы Cf_2O_3, оксихлориди Cf_2OCl ж-а К-дин нитраттары, сульфаттары, галогениддери сууда эрийт. К. атомдук реактордо ядролук реакцияларды изилдөөдө, плутонийди алууда колдонулат.

КАЛИФО́РНИЯ, Төмөнкү Калифорния – Түн. Американын батышындагы жарым арал (Мексиканын Төмөнкү Калифорния штатында). Тынч океан м-н чулганып, материктен Калифорния булуну аркылуу бөлүнөт. Уз. 1200 *км*, туурасы 50–250 *км*. Чыгышында жанартоо ж-а кристаллдык тектерден турган тоо массивдери 3078 *м*ге чейин көтөрүлөт; батышын тепкичтенип көтөрүлгөн боксо тоолор (бийикт. 1000–1500 *м*) ж-а ойдундар ээлейт. Тропиктик чөл ж-а субтропиктик жарым чөл өсүмдүктөрү (бадалдар, кактус, агава, юкки) өсөт; тоолорунда токой кездешет. Сугат дыйканчылыгы ж-а багбанчылык өнүккөн. Ири улуттук паркы – Сьерра-де-Сан-Педро-Мартир.

КАЛИФО́РНИЯ БУЛУҢУ Тынч океанда, Түн. Американын батыш жээгинде (Мексика). Уз. 1240 *км*, туурасы 220 *км*ге чейин, орт. терендиги 750 *м*, эң терең жери 3292 *м*. Аралдар көп. Колорадо д. куят. Гидрол. режими б-ча – деңиз. Суткасына эки жолу ташкындайт (бийикт. 2,9 *м*ге чейин). Балык (тунец, камбала, скумбрия, деңиз окуну) кармалат. Порту – Гуаймас (Мексика).

КАЛК, к а л а й ы к – Жер жүзүндө же анын айрым бөлүгүндө (бир же бир нече өлкөдө, райондо, шаарда) жашаган бардык адамдар. Улам толукталып, жаңырып турат. Өндүрүштүн ж-а бүт күл коомдук мамиленин негизин түзөт. К-ты *демография* илими изилдейт. Биол., геогр., социалдык-экон. себептен К-та түрдүү процесс болуп турат. Социалдык-экон. факторлор К-тын өнүгүшүнө чечүүчү таасир тийгизет. К. проблемалары адамдын биол. тегине, айлана-чөйрө м-н өз ара байланышына (к. *Жер, Географиялык чөйрө, Биосфера*), коомдук формациялардын өнүгүшүнө жараша болот, анткени К-тын эмгекке жарамдуу бөлүгү коомдун негизги өндүргүч күчү болуп саналат. К-ты мүнөздөөчү негизги көрсөткүчтөргө өсүп-өнүгүү (төролүү, никелешүү, өлүм-житим, табигый өсүү); жайгашуу, урбанизация, *миграция*; жыныс ж-а курагы б-ча курамы, үй-бүлөлүк абалы, билим деңгээли, расасы, тили, этностук, диний курамы (к. *Раса, Этнография*) кирет. Палеолит доорунун аягында (болжол м-н б. з. ч. 15-миң жылдык) К-тын саны 3 млн, неолиттин аягында (б. з. ч. 2-миң жылдык) – 50 млн, б. з. башында Жерде 230 млнго жеткен, б. з. 1-миң жылдыгынын аягында – 275 млн, 1900-ж. – 1,6 млрд адам болгон; учурда дүйнө калкынын саны 7 млрддан ашты (2011). К-тын саны б-ча ири өлкөлөр (2010): Кытай 1 338 млн, Индия 1 156 млн, АКШ 307 млн, Индонезия 240 млн, Бразилия 198 млн, Пакистан 174 млн, Бангладеш 156 млн, Нигерия 149 млн, Россия 143,5 млн адам. Кырг-ндын калкы 2011-ж. 5,5 млн адамга жеткен. Дүйнө калкынын орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 40 киши, бирок бардык жерде бирдей эмес (1 $км^2$ жерге Австралия м-н Океанияда 4, Батыш Европада 100 киши туура келет). Кургактыктын 7%инде дүйнө калкынын 70%и жайгашып, 30%инде киши жашабайт.

КАЛКАН – жоокерчиликте *найза* м-н сайышканда, *кылыч* м-н чабышканда, коргонууга керектелүүчү согуш куралы. К. алгач ар түркүн (тегерек, сүйрү, чарчы) түрдө жыгачтан же согулган чыпыктан, териден, сөөктөн, кийинчерээк ар түрдүү металлдан жасалып, жоокердин көкүрөгү м-н баш жагын гана коргогудай көлөмдө урунууга эптүү, тегерек болгон. К-дын ички бетинде колго карман



алуучу атайы тагылган боо – бүлдүргөсү бар. Сырт жагы түрдүү түстө тартылган оймо-чийме м-н кооздолуп, сүрөт түшүрүлгөн. Жоокер сол колуна К. кармап, оң колуна кылыч же найза өндүү куралдарын алып, жоо м-н беттешкенде, сол көкүндагы К. м-н тосуп же аны м-н кагып жиберип, душманынан коргонгон. Атма куралдардын чыгышы м-н К. сейрек колдонула баштаган.

КАЛКАН г е о л о г и я д а – бүктөлүүгө учураган платформанын астыңкы кабатынын жер бетине чыгып калган бөлүгү. Узун-туурасы миңдеген, миңдеген *км*ге созулат. Метаморфизмделген, граниттешкен тектерден турат. Кристаллдуу сланец, гнейс, гранит-гнейс кездешет. Ар кандай түзүлүшкө ээ. Чет тарабынан марганец, алмаз, темир, уран ж-а алтындын ири кендери орун алат. Буга Канада, Алдан, Балтика К-дары мисал болот.

КАЛКАН СЫМАЛ БЕЗ – омурткалуу жаныбар м-н адамдын зат алмашуусун жөнгө салуучу без (к. *Ички секреция бездери*). Адамдын кекиртегинин алды жагында, көмөкөй кемирчегинен орун алган жалкы орган. Формасы калкан же такага окшош. Эки тилкеси бир моюнчага кошулат, салмагы 25–30 *г*га жетип, жаш өткөн сайын көлөмү кичиреет, бирок сууда йод аз жерде чоюлуп кетиши ыктымал. Ал тироксин гормонун бөлүп чыгарат. Анын гормон иштеп чыгуусу башка ички секреция бездеринин (гипофиз, бөйрөк үстүндөгү без, жыныс бездери) иштешине, чөйрө темп-расына, түрдүү эмоциялык ж-а физ. дүүлүктүргүчтөргө, организмге тамак-аш м-н келген йоддун өлчөмүнө жараша болот. Эгер организмде К. с. б-дин гормону жетишсиз болсо гипотиреоз, миксодема оорусу пайда болот. Жаш балада мээнин өсүшү начарлап, бою кичине, өңү саргыч тартып, териси кургап, чачы м-н тырмагы сынма болот. Сууда йоддун жетишсиздигинен К. с. б-дин гормондору аз болүнүп чыгып, анын көлөмү чоңоёт (эндемиялык богок). Ал эми гормондордун өтө көп болүнүшү *базедов оорусуна* алып келет.

КАЛКАНБАЕВА Чолпон (24. 2. 1958-ж. т., Нарын обл., Кочкор р-ну, Көк-Жар айылы) – медицина илимд. доктору (2003), проф. (2009). КММИни бүтүргөн (1981). Чүй обл-ндагы Токмок ш-нын төрөт үйүндө врач-интерн (1981–82), Кемин р-нундагы Боролдой участкалык ооруканада гинеколог (1982–84), Фрунзе ш-дагы № 4 клиникалык төрөт үйүндө акушер-гинеколог (1984–87), КММИде ассистент, доцент (1987–2000), 2001-жылдан КММАда доцент, 2003-жылдан проф. Саламаттык сактоонун отличниги (2002). Ил. багыты – климакс ж-а йод жетишсиз абал, кош бойлуулук ж-а остеопороз ж. б. 80ден ашык ил. эмгеги, а. и. 1 монография, 3 окуу куралы бар.

Эмг.: Особенности становления и реализации репродуктивной функции у женщин с эндемическим зобом. Б., 2002; Этиопатогенез, клиника, диагностика, лечение. Б., 2009;

КА́ЛКА СУУСУНДАГЫ САЛГЫЛАШУУ (1223) – орус ж-а кыпчак аскерлеринин моңгол-татар аскерлери м-н алгачкы беттешүүсү. Бул салгылашуу 1223-ж. 31-майда азыркы Украинанын Донецк обл-ндагы Кальмиус д-нын куймасы Калканын (азыр Кальчик) жээгинде өткөн. 1222–23-ж. моңгол аскерлери (30 миңдей) Түн. Кара деңиз өндүрү аймактарын басып алып, кыпчактарды талкалаган. Кыпчак ханы Котян жардам сурап, орус княздарына (Галиция князы, күйөө баласы М. М. Удатный) кайрылган. Натыйжада 1223-ж. Киевде орус княздарынын жыйыны өтүп, алар моңголдорго каршы жортуулга чыгарын билдиришкен. Бирок саны 20 миңге жетпеген орус ж-а кыпчактардын биргелешкен аскерлери Жебе ж-а Субэдэй башында турган моңгол-татарлардан жеңилип, аман калгандары Днепрдин ары жагына качкан. Моңголдор кайрадан Калка суусунан өтүп, орус аскерлерин курчоого алган. Үч күн салгылаштан кийин, орустардын негизги аскер күчтөрү багынууга мажбур болгон, к. *Моңгол империясы, Чыңгыз хан.*

Ад.: *Рашид-ад-Дин.* Сборник летописей. Т. 1. М.; Л., 1952; *Хара Даван Э.* Чингис-хан как полководец и его наследия. А., 1992; *Астайкин А.* Первое столкновение русских с монголами // «Арабески» истории. М., 1996. Вып. 3.

КАЛК ГЕОГРАФИЯСЫ – түрдүү социалдык, экон., тарыхый ж-а табигый шарттарда калктын ж-а калктуу жерлердин азыркы курамын ж-а өнүгүүсүнүн закон ченемин, аймак б-ча өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү илим. Экон. географиянын бир тармагы. К. г. эки негизги багытка ажыратылат: 1) өз алдынча өлкөлөрдү ж-а анын айрым бөлүктөрүндөгү (Кырг-нда – облус, район, айыл округу, айыл калкы) калкты изилдөө; 2) тармактарды ж-а калк жайгашкан аймактык системаларды региондук айырмачылыктары аркылуу калктын отурукташуу типтерин ж-а формаларын изилдөө; мында байкоонун бирдиги болуп конуш (кыштак) эсептелет. Жогорудагы эки багыт тең бири-бири м-н тыгыз байланышта. К. г. төмөнкүлөрдү иликтейт: калктын өндүрүштөгү аймактык айырмачылыктарын; анын демогр. структурасын; социалдык ж-а этностук курамын; эмгек ресурстарын ж-а аны пайдалануну; миграциянын ургаалдуулугун, анын курамын ж-а багытын; калктын жыштыгын ж-а аймакка жайгаштыруу тибин, жашоо ыңгайындагы аймактык айырмачылыктарын окутат. Бул аркылуу К. г-нын башка тармактары келип чыкты: эмгек ресурстарынын географиясы, миграция географиясы, калктуу пункт географиясы ж. б. К. г. демография, этнография, социология, экономика ж. б. илимдер м-н тыгыз байланышта.

КАЛКТЫН ИШ МЕНЕН КАМСЫЗ БОЛУУСУ – 1) чарбалык ж-а башка ишмердикке катышуу

б-ча адамдар ортосундагы өз ара алака-катышты мүнөздөөчү экон. мамилелер; 2) жарандардын колдонуудагы мыйзамдарды бузбаган ж-а өздүк, коомдук *керектөөнү* канааттандырууну улантуучу ишмердиги. К. и. м. к. б. өздүк эмгекке негизделген *киреше* алууну болжолдойт. Ал коомдун, эмгек коллективинин, ар бир кызматкердин эмгекке жөндөмдүүлүгүн натыйжалуу пайдалануурга өбөлгө түзөт. Иш м-н камсыз болгондукка коомдук пайдалуу ишмердик м-н алектенгендер: акы алуу м-н жалданып иштегендер (толук же толук эмес жумушчу күн же жума режиминде); жекече эмгек ишмердиги м-н алектенгендер; үй чарбачылыгында иштегендер; аскер кызматкерлери; ишкерлер; фермерлер; кооператорлор ж-а калктын башка категориялары кирет. Мындан тышкары анын үйдөн иштөө, окуучулардын бош убактысында иштөөсү, бир эле убакта бир нече жерде иштөө деген түрлөрү да бар. Рынок мамилелерине өтүү шартында биздин өлкөдө К. и. м. к. б. проблемасы курч коюлууда. Айрым кесип ээлеринин ж-а адистердин жетишпегендигине карабастан, Кырг-ндын дээрлик бардык райондорунда *жумушсуздук* өсүүдө. Бардык деңгээлдеги мамл. кызмат ишмердигин түп-тамырынан жакшыртуу маселеси турат. Убактылуу иштебеген жарандарга социалдык гарантиялар, а. и. жумушсуздарга жөлөк пул ж-а анын үй-бүлө мүчөлөрүнө материалдык жардам төлөө маселеси келип чыгууда.

КАЛКТЫН МИГРАЦИЯСЫ, к. *Миграция.*

КАЛКТЫН ТАБИГЫЙ ӨСҮШҮ — белгилүү мөөнөттө төрөлгөндөр м-н өлгөндөрдүн ортосундагы сандык айырма. Калктын ургаалдуу өсүшүнүн жалпы мүнөздөмөсү; ал 1000 кишиге карата табигый өсүү коэфф. м-н эсептелет. Европада ал 0,1‰, Африкада 2,8‰ ж. б. Эң көп көрсөткүч Оманга (3,9‰), ал эми эң азы Латвия (–1,6‰) м-н Эстонияга (–1,4‰) таандык. Калктын ротациясы анын жаңыланып турушунун ылдамдыгын мүнөздөйт. Ал интегралдык көрсөткүч болгондуктан, төрөлгөндөр м-н өлгөндөрдүн жалпы коэфф-терин суммалоодон алынат. Ал бүгүнкү күндө дүйнө б-ча 3,2‰ге барабар. Мындан тышкары К. т. ө-нө тиричилик коэфф. (өлгөн 100 адамга карата төрөлгөндөрдүн саны), аялзат калкынын жаңыланып турууусунун коэфф-и – Брутто (бир аялдан төрөлгөн кыз балдардын саны) ж-а Нетто (бир аялдан төрөлгөн кыз балдардын энесинин орто жашына жетип калгандарынын саны) кирет. Эгерде Нетто 1ден кичине болсо, калктын санынын азайышы байкалат. Кырг-нда К. т. ө. 47‰ге (2008) барабар.

КАЛКЫМА МУЗДАР – шамалдын ж-а агымдын таасиринен деңизде калкып агып жүргөн муздар. К. м. арктикалык деңиздерде согуп турган шамалдын багытынан оңду, ал эми антарктикалык деңиздерде солду карай четтеп (28° бурч м-н) агат. Анткени алардын кыймылы Жердин айлануусунун четтөөчү күчүнө баш иет. Эл аралык аты – *айсберг.*

КАЛКЫМА САЗ – былкылдак сормо саз, шабыр; адатта, мамык чөп, чөп өсүмдүктөрдүн ж-а чымдын астында суу же суюк ылай катмары болот. Көлмөлөрдү чөп басып кетүүдөн жаралат. Былкылдак деп да аталат. К. с. – суудагы сүзүүчү канаттуулардын эң негизги байырлоочу жери. Ошондуктан коргоо ж-а калыбына келтирүү иштери жүрүп турууусу зарыл.

КАЛЛАС (Callas; чыныгы аты-жөнү Калогеропулу) Мария (2. 12. 1923, Нью-Йорк – 16. 9. 1977, Париж) – грек ырчысы (лирика-драмалык сопрано). 20-к-дагы мыкты ырчылардын бири. 1937-ж. Афины консерваториясында окуган. 1942–44-ж. Афины опера театрларында ырдап чыккан. К. алгач Жоконданын партиясын («Жоконда», А. Понкьелли) аткарып таанылган (1947, Арена-ди-Верона). 1951-жылдан *«Ла Скала»* (Милан) театрынын солисти. 1952-ж. «Ковент-Гарден» (Лондон) театры, 1954-ж. Чикаго операсында, 1956-ж. «Метрополитен-опера» (Нью-Йорк) ж. б. дүйнөнүн ири театрларында ырдаган. Адегенде *белькантонун* стилиндеги партияларды ж-а Вагнердин каармандарынын



М. Каллас. Тосканын ролунда. Ж. Пуччини, «Тоска».

(Изольда, «Тристан жана Изольда»; Брунгильда, «Валькирия»; Кундри, «Парсифаль») партияларын бирдей ийгилик м-н аткарган. Кийинчерээк итал. романтикалык репертуарга көңүл бурган. Көрүнүктүү партиялары: Медея («Медея», Л. Керубини), Турандот (Ж. Пуччини), Анна Болейн («Анна Болейн», Г. Доницетти), Леди Макбет («Макбет», Ж. Верди), Ифигения («Ифигения Тавридде», К. Глюк) ж. б. Киного да тартылган («Медея», П. П. Пазолини, 1969). Москвадагы П. И. Чайковский атн. 4-Эл аралык конкурстун калыстар тобунун мүчөсү болгон (1970). 1982-жылдан Афиныда вокалисттердин М. Каллас атн. эл аралык конкурсу өтүп турат.

Ад.: *Тимохин* В., М. Каллас // Выдающиеся итальянские певцы. М., 1962; *Дюфрен* К. М. Каллас. М., 2007.

Н. Жылдызова.

КАЛЛА́УР Василий Андреевич (1838 – 1918 же 1919) – чыгыш таануучу. Археологияны сүйүүчүлөрдүн түркстандык ийриминин (ТКЛА) активдүү мүчөсү, археол., этногр. материалдарды, кол жазмаларды, документтерди, о. эле тарыхый топография ж-а топонимика б-ча маалыматтарды жыйноочу. Кырг-ндын Талас өрөөнүндөгү Айыртам-Ой (азыркы Кырк-Казык айылы турган аймак) деген жерден байыркы түркөтөрдүн руникалык жазуусу чегилген 5 эстелик ташты (1896–1998) биринчи ачкан адам катары түркологиянын тарыхына кирген. Бул эстеликтерди В. В. Радлов, П. М. Мелиоранский, С. Е. Малов, Х. Н. Оркун ж. б. окуп, жарыялаган. К. ошол кезде падышалык администрациянын О. Азиядагы өкүлү – Олуя-Ата уездинин (1876), кийин Перовский уездинин (азыркы Кызыл-Ордо обл., Казакстан Респ.) начальниги болгон. Полковник чинин алган. 1908–09-ж. Түркстан крайындагы кызматын калтырып, Киевге көчүп кеткен.



Каллаур тапкан 2-Талас эстелиги. Кыргыз мамлекеттик тарых музейи.

Эмг.: Археологическая поездка по Аулиеатинскому уезду// ПТКЛА, год 2, 1897; Камень с древнетюркской надписью из Аулиеатинского уезда // ЗВОРАО, II, 1899; Новая археологическая находка в Аулиеатинском уезде//Туркестанкие ведомости, 1898, № 48, 52.

Ад.: *Малов С. Е.* Таласские эпиграфические памятники // Материалы Узкомстариса, Вып. 6–7. М.; Л., 1936; *Мелиоранский П. М.* По поводу новой археологической находки в Аулиеатинском уезде // ЗВОРАО, II, 1899; *Джумагулов Ч.* Эпиграфика Киргизии. Вып. 3. Ф., 1987.

Ч. Жумагулов.

КАЛЛИГРА́ФИЯ (гр. kalligraphia – сулуу кол жазма, kallós – сулуулук ж-а *...графия*) – даана ж-а сулуу жазуу өнөрү. К. арип ж-а жазуу куралдарынын тарыхы, өнөрдүн стилистикалык эволюциясы м-н байланыштуу. Китеп басуу ишинин ж-а машинкага, кийин компьютерге жазуунун өнүгүшү м-н К-нын колдонулушу кескин азайып, ал негизинен башталгыч класстарда гана өзүнчө сабак («таза жазуу») катары окутулат. К. китеп коркомдоо, плакат жасоо, графика ж. б. тармактарда колдонулат.

КАЛЛИГРАФИЯЛЫК ШРИФТ – кол жазмага окшоштурулуп жазылган (шрифттик үлгүнүн кошумча тобуна кирүүчү), имитациялык (бир нерсени тууроочу) арип.

КАЛЛИ́СТО (Callisto) – Юпитердин табигый жандоочусу. 1610-ж. Г. *Галилей* ачкан. Планета борборунан 1,883 млн *км* аралыкта айланат. *Синодикалык айлануу мезгили* 16 сутка 18 *с* 3 *мин.* Диаметри 4800 *км*, тыгыздыгы 1860 *км/м*³. Өзүнүн атм-сы бар.

КАЛМАК-АШУУ – Күнгөй Ала-Тоонун батыш бөлүгүндөгү ашуу. Бийикт. 3250 *м*. Түш. бети бир кыйла тик, батышы жантайыңкы. Тоо кырларынын ашуудан салыштырмалуу бийикт. 250–300 *м*. Протерозойдун метаморфизмделген тоо тектеринен турат, палеозойдун граниттери да бар. Ашуу июнь – октябрь айларында ачык. Белде майда шагыл, беттерде кумай кездешет. Чоң Кемин м-н Ысык-Көл ойдундарын байланыштырган чукул жол өтөт.

КАЛМАК-АШУУ – Чүй обл-нун Кемин р-нундагы кыштак. Чоң Кемин айыл округуна караштуу. Чоң Кемин суусунун оң өйүзүндө, деңиз денг. 1530 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кемин шаарчасынан 45 *км*. Кыштак 1936-ж. негизделген. Калкы 1001 (2009); негизинен мал м-н алектенип, дыйканчылыкта эмгектенет. Мектеп, ФАП бар.

КАЛМАК-АШУУ ЭСТЕЛИКТЕРИ – Соң-Көл – Калмак-Ашуу жолунун боюндагы эрте темир доорунa таандык аска ташка чегилген байыркы сүрөттөр. Тоо текелер ж-а аларга жаа м-н мергенчилик кылуу, коло дооруна таандык колдорун көтөрүп турган адамдардын, о. эле мергенчилик гана эмес, адам м-н кийиктердин ортосундагы жакын мамиле чагылдырылган сүрөттөр да тартылган. Кыргыз тарыхчылар жамааты, Түрк тарых куруму тарабынан 1996-ж. табылган.

К. Табалдиев.

КАЛМАК-ДӨБӨ – б. з. ч. 1-миң жылдыкка таандык көрүстөндөр. Кырг-ндын бардык аймактарында кездешип, жерг. элде Калмак- Дөбө деген ат м-н белгилүү. Аталышы калмактарга байланыштуу болгону м-н эстелик байыркы



коомго таандык болуп, калмактарга эч тиешеси жок экендиги маалым. Эл ичинде Калмак-Дөбөдөн башка «Калмак-Арык» деп аталган бийик тектирге суу чыгарчу арыктар да белгилүү. Жогорудагыдай эле алар да мезгили жагынан кыйла улуу келип, калмактарга эч байланышы жок. Калмак-Дөбө деп аталган жерлер сак дооруна таандык коломдүү көрүстөн жайгашкан жерлер м-н байланыштуу.

К. Табалдиев.

КАЛМАК-ДӨБӨ КӨРҮСТӨНҮ – б. з. 1–4-к-ндагы хунн дооруна таандык археол. эстелик. Ат-

Башы суусунун оң жээгиндеги тектирчеде жайгашып, 200 дөбө-мүрзөдөн турат. Маркумдардын сөөктөрү казанактуу жайга коюлган. Карапа идиштер, жыгач табактар, жаа (уз. 130 *см*) ж-а анын темир жебелери, о. эле төрт бурчтуу, жапыз жыгач столдун үстүндөгү койдун жиликтери, бычак табылган. 1944-ж. археолог А. Н. Бернштам, 1955-ж. А. Кибиров изилдеген. Учурда көрүстөндөрдүн көбү курулуш иштеринин натыйжасында бузулган.

К. Табалдиев.

КАЛМАК-КЫРЧЫН – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нундагы кыштак. Курманбек атн. айыл округуна караштуу. Көгарт суусунун оң өйүзүндө, деңиз денг. 1550 м бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 67 *км* түн.-чыгыш тарапта. Багыш т. ж. бекетинен 40 *км*. Калкы 1340 (2007); негизинен аарычылыкта эмгектенип, мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП, Курманбек баатырдын күмбөзү бар.

КАЛМАКСТАН, Калмак Республикасы – Россиянын адм. субъектиси. Россиянын Европа бөлүгүнүн түштүгүндө жайгашкан. Түш.-чыгышынан Каспий деңизи м-н чулганат. Аянты 74,7 миң *км*^{2}. Калкы 287,2 миң (2007); анын негизин калмактар (45,4%), орустар (37,7), даргиндер (4,0), о. эле казактар, немистер түзөт. Христиан (православие, протестант), буддизм ж-а ислам (мусулман) диндерин тутат. Борбору – Элиста ш. Адм.-айм. жактан 13 районго, 3 шаарга бөлүнөт. Шаар калкы 44,2%. Ири шаарлары: Лагань, Городовиковск.

Түштүк Федерация округуна кирет. Мамл. бийликтин органдар системасы Калмак Респ-нын конституциясы тарабынан аныкталат. Закон чыгаруучу жогорку органы – Улуттук хурал (5 жылда бир шайланат; 27 депутаттан турат). Мамл. башчысы – президент.

Респ-нын табияты калктын жашоосу үчүн орточо ыңгайлуу. Шамалдын натыйжасында топурак эрозиясы пайда болуп, мал жаюуда тоотокойлору деградацияга учурап, сугарууда топуактын шордонуусу экол. абалды өтө курчутууда. К. *Каспий бою ойдуңунун* батыш бөлүгүн, Ерген дөңсөөсүн ж-а Кума-Маныч ойдунун ээлейт. Климаты кескин континенттик. Жайы ысык ж-а өтө кургак (120 күнгө чейин созулуп, чаң бороондору болуп турат), кышында кар аз жаайт. Январдын орт. темп-расы –5°С (түштүгүндө), – 11°С (түндүгүндө), июлдуку 23,5–25,5°С; жылдык жаан-чачыны 180–210 *мм*. Ички суларга жарды. Түн.-чыгышынан Волга (12 *км*), түштүгүнөн Кума д-нын бир аз бөлүгү өтөт. Майда туздуу көлдөр ж-а лимандар бар. Калкты суу м-н камсыз кылуу үчүн 283 көлмө ж-а суу сактагыч курулган (жалпы көлөмү 50 млн *м*^{3}). Талаа, жарым чөл ж-а чөл зонасында жайгашкан. Карбонаттуу кара топуракта шыбак-баялыштуу ар түрдүү өсүмдүктөр өсөт. Флорасында 900дөн ашык эндемиктер (а. и. 100гө жакыны дары-дармек өсүмдүктөрү) кездешет.

Бул аймакка калмактар 16-к-дын аягы – 17-к-да эле отурукташа баштаган. 17-к-дын 2-жарымынан 1771-ж. чейин Калмак хандыгы. 17–18-к-да Россия империясынын курамына болгон. 1920-ж. Калмак АОсу түзүлүп, ал 1935-ж. АССР болгон. 1943-ж. автономиясы жоюлуп, калкы департацияланган. 1957-ж. автономиясы калыбына келтирилген (1958-ж. чейин Калмак АОсу). 1993-ж. 11-апрелде респ-нын өкүлчүлүктүү президенти шайланып, 1994-ж. 5-апрелде конституциясы кабыл алынып, учурдагы аталышы бекитилген.

Экономикасынын негизин а. ч. түзөт. Жүк өндүрүү б-ча Россияда 3-орунда (7,3%). Региондук дүң продукциясынын көлөмү 11820,3 млн рубль. Андагы а. ч-нын үлүшү 9,1%, ө. ж-дыкы 7,8%. Ө. ж-нын негизги тармагы – отун (28,2%; 9 газ ж-а нефть кендери иштетилет). Ал кендерди иштетүүгө лицензия алган ишканалар: «ЛУКОЙЛ-Астрахань-морнефть», «Оникс Плюс», «Кавказтрансгаз» жоопкерчилиги чектелген АКтар, «Калминефть», «Калмгаз», «Калмыцкая нефтегазовая компания» ААК, «Калмпетрол» ЖАК ж. б. О. эле тамак-аш (сүт-эт, консерва, балык), женил (тигүү, трикотаж, мех), машина куруу, металл иштетүү ө. ж. ишканалары иштейт. Жаратылыш газы, нефть, курулуш материалдары (кум, чопо, үлүл-таш), калий, таш тузу ж-а доломит казылып алынат. Жер астынан (ичүүгө жарамдуу ж-а минералдуу) суулар чыгат. Агын суулары балыкка бай. Ички көлмөлөрүнүн аянты 50 миң *га* (а. и. балык промыселиниики 30 миң *га*). А. ч-нын негизги тармагы мал чарбасы (жайытта багылма бодо мал, уяң жүндүү кой). Айрым райондорунда жылкы ж-а төө асыралат. А. ч-га жарактуу жери 4202,4 миң *га* (жер фондусунун 55,2%и), а. и. айдоо аянты 15,9%, 303,1 миң *га*сына дан эгиндери (76,7%), тоют өсүмдүктөрү (14,7%) өстүрүлөт. Жашылчачылык, бакчачылык ж-а элдик иск-восунун салттуу түрлөрү – жыгачты бедерлөө, булгаарыга наар түшүрүү, сайма саюу, күмүштү сыялоо өнүккөн.

Ад.: Калмыкия// Большая Российская энциклопедия. Спец. том. Россия. М., 2004; Калмыкия // Большая Российская энциклопедия. Т. 12. М., 2008.

Т. Чодураев.

КАЛМАКТАР (өздөрүн кальмг дешет) – Калмак Респ-нын жерг. калкы. Россия (Астрахань, Волгоград, Ростов, Оренбург, Ставрополь, Сибирь), Украина ж-а Кырг-нда (ысык-көлдүк К. 6 миндей), о. эле АКШ, Франция, Швейцария, Германия, О. Азияда да жашашат. Жалпы саны 200 миндей, а. и. 155 миңи Калмакстанда (2002). Калмак ж-а орус тилдеринде сүйлөшөт. Динге ишенгендери негизинен буддизм (ламаизм), аз бөлүгү православие динин тутушат. К-дын байыркы ата-бабалары – батыш моңгол-ойроттор, саясий бирикмеге кирген дүр-ху, сянби, жужан, кидандар. 12-к-га чейин Байкал бөдүрү ж-а Енисей аймактарын мекендешип, кийин батышты көздөй кыдышкан. 14-к-дын аягынан өзүнчө феодалдык мамлекетке – «дервен ордосуна» бириишкен. Ойроттор 16-к-дын аягы – 17-к-дын 40-жылдарында Россия чегинде калмак эли болуп калыптанган. 1657-ж. В. Шуйскийдин макулдугу м-н К. (дербет, торгут, хошеут, хойт ж-а чоростор) Россиянын курамына өткөн. 1664–1771-ж. *Калмак хандыгы* өкүм сүргөн. 1771-ж. Калмак хандыгы жоюлуп, анын аймагында Астрахань губерниясы түзүлгөн. 1920-ж. Калмак АОсу түзүлүп, 1935-ж. Калмак АССРи болгон. 1994-жылдан Калмак Респ. деп аталган. К. мал чарбачылык, дыйканчылык, балык уулоочулук м-н кесиптенип, көчмөн турмушка ылайыкташкан, боз үй сымал салынган үй ж-а төрт доңголоктүү араба-боз үйлөрдө жашашкан. 19-к-дын башында калмак кыштагы пайда болуп, заманбап турак жайлар курулган. Эркектер көйнөкшым, узун этектүү чепкен, булгаары өтүк, майрам күндөрү кызыл жибек баш кийим кийип, белине асемделген кур курчанган. Сол кулагына сойкө, колуна шакек, билерик тагынып, бир өрүм чач өстүргөн. Аялдары узун, жеңсиз тигилген көйнөк, жеңи узун кофта, шым, өтүк кийип, кооздуктарды тагынышкан. Чачтарын узун өстүрүп, кыздар бир, аялдар 2 өрүм кылып өрүшкөн. Тамак-ашы негизинен – эт (ышталган эт), сүт (айран, кымыз, май, курут, быштак ж. б.), дан азыктарынан даярдалат. К-дын баатырдык эпосу – «Жангар». Улуттук майрамы – Цагалган, Үрүс Сар.



КАЛМАК ТИЛИ – *калмактардын* тили. Моңгол тилдеринин тобуна кирет. Ал торгут, дербет ж-а бузав айтымдарына бөлүнөт. К. т. Астрахань, Ростов, Волгоград облустарына, Ставрополь крайына тараган. К. т-не кыска ж-а созулма үндүүлөр мүнөздүү, 8 жөндөмөсү бар. Калмактар 17-к-дын ортосуна чейин моңголдордун тик (вертикаль) жазуусун пайдаланышкан, 1648-ж. ал зая-пандит жазуусу м-н алмашкан. 1924-ж. орус алфавити киргизилген. 1931–38-ж. латын алфавити колдонулган. 1938-жылдан кайра орус алфавитине өткөн. 1992-жылдан К. т. орус тили м-н катар мамл. тил болуп саналат.

КАЛМАК ХАНДЫГЫ – 17–18-к-дагы ойрот мамлекети (к. *Жунгар хандыгы*).

КАЛМАНОВ Жанчар (15. 6. 1936-ж. т., Жайыл р-ну, Эриктүү кыш.) – Кыргыз ССРинин мамл. сыйл. лауреаты (1974). ФПИни бүткөн (1958). Кызыл-Кыя шахтасында тоо-кен мастери (1958–61), Кыргыз ССР ИАнын Тоо тектеринин физикасы ж-а механикасы ин-тунда кенже ил. кызматкер (1961–64), аспирант (1964–67), СССР Көмүр о. ж. министрлигинде инженер, жетектөөчү инженер (1967–78), министрдин орун басарынын жардамчысы (1978–80), Кыргыз ССР курулуш материалдар ө. ж. министринин орун басары (1981–91), «Кыргыз курулуш материалдар» концернинин төрагасынын 1-орун басары (1991), «Кыргыз таш» бирикмесинин директору (1992). Бир монография, 3 автордук күбөлүктүн ээси.

КАЛМАТАЙ – Ош обл-нун Кара-Кулжа р-нундагы кыштак. Карагуз айыл округуна караштуу. Карагуз суусунун (Тардын куймасы) чатына жакын, деңиз денг. 1240 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кыш-нан 13 *км* батыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 102 *км*. Калкы 1235 (2010); негизинен мал м-н алектенип, дыйканчылыкта эмгектенет.

КАЛМАТОВ Абдисапа (30. 5. 1970-ж. т., азыркы Баткен обл., Баткен ш.) – скульптор, КРдин илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (2002). Кыргыз мамл. сүрөт көркөм искво коллежин (1996), Т. Садыков атн. Улуттук көркөм сүрөт академиясын бүткөндөн (1997) ушул академияда окутуучу. Бишкектеги Ч. Айтматов атн. паркта жайгашкан ачык асман алдындагы эл аралык музейдеги «Ойлонуу» аттуу эмгеги респ. мамл. сыйл. татыган. Анын «Хан-Чоро», «Асман», «Кожомкул», «Аткыч», «Күрөш» ж. б. эмгектери белгилүү. Эл аралык көргөзмөлөргө катышып, байгелүү орундарды ээлеген.

КАЛМУРЗАЕВ Каный Егизбаевич (3. 2. 1932, Кызыл-Кыя – 1998, Бишкек) – геолог ж-а геохимик, геология-минералогия ил. доктору (1972). Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1977), КРдин мамл. сыйл. лауреаты (1995). Москва геол. чалгындоо ин-тун бүткөн (1957). Кыргыз ССР ИАнын Геол. ин-тунун кенже (1957), улук (1965) ил. кызматкери, сектор башчысы (1973), Сейсмология ин-тунун директору (1975–88), Кыргыз ССР ИАнын Тоо тектеринин физикасы ж-а механикасы ин-тунда лабор. башчысы (1988–98). 140тан ашык ил. эмгектин автору (а. и. 10 монография). Эмгектери негизинен Теңир-Тоо бүктөлүү системасындагы байыркы тоо тектердин геол. түзүлүшүн, курамын ж-а кен-байлык-



тарды изилдөөгө, формация-геохим. анализдөөгө арналган. Кембрий м-н ордовикте пайда болуп, металлдар кеңири тараган каралжын сланецтерди Түркстан-Алай, Заравшан, Кызыл-Кум ж-а Нура-Тоо аймактарында толук изилдеп, курамында сейрек, чачыранды ж. б. баалуу хим. элементтер бар көмүртек-кремнийлүү каралжын формациясын өз алдынча структура-формациялык ж-а стратигр. бирдик катары бөлгөн. Медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: К палеографии протерозоя и нижнего палеозоя Тянь-Шаньской складчатой системы //«Изв. АН Кирг. ССР». В. 4. 1972; О принципах комплексного сейсмического районирования // Сейсмо-тектоника некоторых районов Юга СССР. М., 1976.

КАЛМУРЗА-ТӨР ТОО ХРУСТАЛЫ КЕНИ Ош обл-нун Кара-Суу р-нунда, Папан кыш-нан түш.-чыгыш тарапта, Ак-Буура ж-а Гүлчө сууларынын аралыгында. 1966-ж. табылган. Кен аймагында лава тоо тектери тараган. Алардын арасында калыңдыгы 0,2–0,5 *мге*, чанда 3 *мге*, уз. 5–300 *мге* жеткен сүттөй ак кварц тарамдары кезигет. Бул тарамдарда бийикт. 2–3 *см*, эни 0,6–1 *см* тоо хрусталынын топтошкон кристаллдары учурайт. Кристаллдар тригон, призма түрүндө, төбөсү ромбоэдр. Тоо хрусталынан зергердик кооз буюмдарды жасоого болот.

КАЛМЫРЗА Сарпек уулу (1866, Чүйдүн Он Бир-Жылгасы – 1910) – төкмө акын. Жамакты жамгырдай төгүп, эл арасында кара жаак аталган. Атасы Сарпек кедей адам болгондуктан, ал жардылыктын запкысын тарткан. Чыг-лык жолу, жашоо-турмушу татаал болгон. Ал Талас жергесин кыдырат, Олуя-Ата, Меркеде жүрүп, казак туугандарын аралайт. Шабдандын жардамы м-н Чүйгө көчүп келген акындын турмушунда, чыг-лыгында чоң бурулуш болот. 1900-жылдардын тегерегинде Чолпонкул манаптын баласы Жапаркулдун ашында Найманбай акын м-н айтышып, аны жеңип, чоң акын катары таанылат. К. кедей болсо да, жакшы кийинип, «алчактаган ак боз ат минип», эркин ырдаган.

КАЛОРИМЕ́ТРИЯ – физ., хим. ж-а биол. процессте бөлүнүп чыгуучу же сиңирилүүчү жылуулуктун санын өлчөө ыкмаларынын жыйындысы. «К.» термини 1780-ж. фр. химиктер А. Лавуазье ж-а П. Лаплас сунуш кылган. Телого (системага) берилген же андан алынган жылуулуктун саны Q темп-рага (T) ж-а анын массасына (m) пропорциялаш. $Q=Cm\Delta T=W\Delta T$. Мында C – салыштырмалуу жылуулук сыйымдуулугу; W – калориметрдин жылуулугунун мааниси. К-лык тажрыйбада негизги өлчөнүүчү чоңдук – ΔT. К-нын кайсы түрү болбосун темп-раны ченей турган аспаптар электр ысыткычтар м-н жабдылган ж-а курчап турган чөйрө м-н жылуулук алмашуусун жөндөө үчүн кап м-н капталган. Жылуулук алмашуунун мүнөзү б-ча калориметрлерди термиялык, адиабаталык ж-а жылуулук өткөргүчтүк деп айырмалайт. Калориянын маалыматтары заттардын термодин. касиеттерин, хим. тең салмактуулукту эсептөөдө, технол. процесстердин жылуулук теңдемесин түзүүдө ж. б. колдонулат. Процесстерди изилдөөнүн мөөнөтү секунддун үлүшүнөн ондогон суткага чейин созулат.

КАЛО́РИЯ (лат. *calor* – жылуулук) – жылуулук санынын эл аралык *бирдиктер системасына* кирбеген бирдиги. Белгилениши: кал. 1 *кал*=4,1868 *Дж*. Термохимияда колдонулучу К. 4,1840 *Дж*га барабар.

КАЛП – кыргыз балдар фольклорундагы жанр. Турмушта кездешпеген, акыл-эс нормасына сыйбай турган окуялар юмордук негизде баяндалат. К-тар чечендикти, сөзгө чеберликти сыноо, көнүл ачуу максатында айтылат. К. элдик оозеки чыгылыкта кара сөз же ыр түрүндө кездешет. Кыргыз элинде «Чоң чымын», «Улак чымын», «Чегиртке минген киши», «Кырк ооз калп» д. у. с. К-тар бар. К-тар башка элдердин оозеки ад-тында да (мис., орус фольклорунда ал «небылицы» деп аталат) кездешет.

КАЛПА (ар. – «халифа» – мураскор, орун басар) – 1) Октябрь рев-ясына чейин О. Азияда, а. и. Кырг-ндын аймактарында кеңири тараган сопулар жамааттарынын өкүлү. «Халифа» термини кыргыз тилинин лексикалык өзгөчөлүгүнө ылайык «калпа» болуп трансформацияланган түрдө кирген ж-а эшендин жолун жолдоочу, ишин улантуучу дин адамын билдирген. К. инту кыргыздын коомдук-саясий турмушунда мамл. деңгээлдеги саясий же диний бийликке ээ болгон эмес. К-лар диний үгүт жүргүзүшкөн; 2) медресе окуучуларын көзөмөлдөөчү, к. *Халиф*.

КАЛПАК, а к к а л п а к – эркектердин улуттук баш кийими. Ал алгач агыш (боз), кызгылт түстөгү кылчык, кийин ак уяң жүндөн уютулуп, бышык басылган кийизден төбөсү бийик



(шоңшогой), этеги тегерек бычылып, оймо-чийме түшүрүлбөй, төбөсүнө чок (чачык тагылбай, ичтелбей (астарланбай), бир гана тигиш м-н бириктирилип жасалган. Тигиш жагы К-тын маңдайы болгон. 18-к-дын 2-жарымына чейин К-тын төбөсү жапызыраак, эки талаа болуп

бычылган. Талаалардын кошулган жери тыбыттан ийрилген жип же өрүлгөн кыл м-н милтеленип, чети кыл, шоона м-н кооздолуп саймаланган, төбөсүнө чок (чачык) тагылган. Этегин кайрып коюу үчүн К-тын эки жеринен тилик калтырылган. 19-к-дын 2-жарымынан К. мурдагыдан да жапыз, төрт талаа болуп бычылып, жээги 7–12 *см*дей кездеме (баркыт) м-н көбөөлөнүп, төбөсүнө чок тагылып, жээктерине ж-а талааларына сайма түшүрүлүп, ичтелген (астарланган). К-тын төрт талаасы адам жашоосунун төрт башталмасын – от, суу, аба, жерди туюнтат. Төбөсүнө тагылган чок асмандан түшкөн курдун адам акылына ыйгарылгандыгынын, түсүнүн актыгы аруулуктун символу, төбөсү Ала-Тоонун элеси деп эсептелет. Маңдайындагы «Манас» оюу – кыргыздын акылга баш ийгендиги. Бийиктигине ж-а тигилишине жараша К-тын тилик К., туюк (кыюуланган) К., айры (кыюуланбаган) К., ай К., шырыма К., уютма К., бакай К. ж. б. түрлөрү бар. К. кыргагынын түсү (балдар жашыл, бойдок жигиттер кызыл, орто жаштагылар ак, карылар кара) м-н айырмаланат. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлөрүнүн бирикмесинде К-тын өркүндөтүлгөн заманбап түрлөрү чыгарылат. К. көбүнчө ак кийизден жасалгандыктан, ак калпак деп да аталган. *Ы. Кадыров.*

КАЛПАК БААТЫР Стамбек уулу (болжол м-н 1805-, 1847, Мазарлуу Кара-Суу, азыркы Кант ш-на жакын) – казактар м-н согушта (к. *Кенесарынын чапкыны*) эрдик көрсөткөн баатырлардын бири. Казактар келип, капысынан Калпактын айылын курчап калганда, чөгөрүлгөн тоолорго жашынып, аларды аткылап, айылга жолотпой турган. Инилери Мамбет, Түлөкабылдар м-н казактардын чабуулун үч жолу кайрып, куйган огу түгөнгөндө, кыз-келиндердин шурумончокторун салып аткылаган. Бетине жабышып калган шуру экенин билип калган казактар күн чыга жапырт ат коюп, айылга кирип келген. Бул согушта 18 жаштагы Мамбет м-н К. б-дын 28 үй-бүлө мүчөсү, жакын тууганы Субанбек кошо өлгөн. Түлөкабыл казакты аралай чаап кутулуп кеткен. 19 жеринен ок жеп, жарадар болгон К. б-ды казактар кылычтап өлтүрүп, сөөгүн тоонун үстүнө жайып кетишкен. Оозеки фольклордо К. б-дын эрдиги ж-дө көптөгөн аңыз кептер айтылып калган.

Ад.: *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. Т. 1. Б., 1993; *Эсенкул Төрөкан уулу.* Кыргыздын кыскача санжырасы. Т. 1. Б., 1995. *Э. Турганбаев.*

КАЛПАКОВ Байсерке (1882, Ысык-Көл обл., Топ р-ну – 1941, Россия, Урал) – драматург, акын. 1910–11-ж. медреседен окуп, кийин ошол эле жерде мугалим болгон. К. 1918-жылдан «Тилчи», «Көмөк», «Кембагалдар аказы», «Эркин-Тоо» гезиттеринде иштеген. «Талан» адабий ийриминин мүчөсү катары контррев-ялык иштерди жүргүзгөн деген саясий күнөө коюлуп айдалган. Кол жазмалары сакталган эмес. Басма сөз беттерине жарыяланган ырлары, макалалары, фельетондору: «Биздин журт», «Май майрамы», «Акмат менен Байгана», «Кайгы күн – 21-январь», «Сагынам», «8-март». Булардын ичинен «Акмат менен Байгана», «Сагынам», «Май майрамы» деген ырлары кыргыз акындарынын 1927-ж. Москвадан чыккан *«Кызыл гүл»* деген ыр жыйнакка кирген. К-дун ад-ттагы жашырын аты «Шоокум», сатираларын «Чанчуур» деген ат м-н жарыялап турган. Эл арасында «Байсерке чечен» деген ат м-н кеңири белгилүү болгон. К. ад-т майданында ар түрдүү жанрда иштеген. 1957-ж. 31-июлда акталган.

КАЛТА – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Жыл-Алды айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1005 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 16 *км* түн. тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 66 *км*. Калкы 1001 (2009); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана бар. К. – «кыска» деген мааниде.

КАЛТАК – Баткен обл-нун Кадамжай р-нундагы кыштак. Үч-Коргон айыл округуна караштуу. Алай кырка тоосунун жакасындагы ойдуңда, деңиз деңг. 980 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Пүлгөн кыш-нан 75 *км* чыгыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. бекетинен 3 *км*. Калкы 1860 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, медпункт бар. Соода түйүндөрү, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү ж. б. иштейт.

КАЛТАР ТҮЛКҮ (Alopex lagopus) – карышкырлар тукумундагы сүт эмүүчү жырткыч айбанат. Дене уз. 50–75 *см*, салм. 6–10 *кг*, куйругунун уз. 40 *см*дей. Куйругунун жүнү калың. Түсү б-ча



ак ж-а көгүлтүр К. т-гө бөлүнөт. К. т. тундра, токойлуу тундрада жашайт. Көгүлтүр К. т. негизинен Командор а-нда кездешет. К. т. кемирүүчүлөр (лемминг, момолой), чымчык ж-а алардын жумурткалары, жер-жемиш ж. б. м-н азыктанат. 7–12ден бачики тууйт. К. т. түндүктө куну тери промыселинин негизин түзөт. Айрыкча көгүлтүр К. т. абдан баалуу. Ал куну айбанат чарбаларында капаста багылат. К. т. терисинен топ, кийимдин жакасы, тумак ж. б. тигилет.

КАЛУГА – Россиядагы шаар. Калуга обл-нун алм. борбору. Орто Орус дөңсөөсүндө, Ока д-нын



Калуга. Меймандар ак сарайы. 1782–96, 1811–23.

сол өйүзүндө жайгашкан. Калкы 327,5 мин (2007). Жолдор тоому. Т. ж. бекети. Ока д-ндагы пристань. Алгач 1371-ж. литва князы Ольгерддин грамотасында эскерилет. К-нын тургундары 1605–07-ж. И. И. Болотников жетектеген көтөрүлүштү колдогон. 1776–1929-ж. Калуга губерниясынын, 1944-жылдан Калуга обл-нун борбору. 1859–68-ж. имам Шамил (ардактуу тутқун катары) жашаган. Мурда шаарда жыгач курулуштар басымдуулук кылса, 17-к-дын орто ченинен таштан салынган чиркөөлөр курула баштаган. Барокко стилиндеги 4 баскычтуу коңгуроолуу Успение (1754–62), Ыйык Ионн Предтеча (1734–35), Ыйыктар Косма ж-а Дамиан (1794) чиркөөлөрү, Троица собору, дворяндар окуу жайы (1779; учурда Мамл. пед. ун-т), почтамт (1782), меймандар ак сарайы, Макаров палатасы, Оболенскийдин үйү ж. б. сакталган. Машина куруу (электроника, транспорт ж-а ө. ж. жабдуулары), «Калугаприбор» (байланыш аппаратуралары), «Автоэлектроника-Элкар» ил.-өндүрүштүк ишканасы, «Промприбор» (1992; сууну ж-а жылуулук энергиясын эсептөөчү приборлор), «Мега-К» (1991; контактсыз өлчүрүүчү приборлор ж-а датчиктер), электр-мех., металл иштетүү, транспорттук машина куруу [(т. ж. техникаларын ж-а автомобилдерди германиялык «Volkswagen» концернинин лицензиясынын негизинде чогултат (моделдери: «VW Passat», «Skoda Octavia»)], булгаары – бут кийим («Калуга – Шен-Заря» Россия – Германия бирикмеси), жыгаччылык («Гигант» бирикмеси), хим., тамак-аш («Кристалл» арак-шарап, пиво, эт, сүт ж. б.) ө. ж. ишканалары, клавишалуу муз. аспаптар өндүрүшү иштейт. Телемех. курулмалар ИИИ, Калуга ил. борбору, 16 ЖОЖ (а. и. филиалдар, пед. ин-т), авиация ж-а космос техникалары ил.-из. лаборсы, китепканалар, музейлер (а. и. край таануу, сүрөт, К. Э. Циолковский атн. Космонавтика тарыхы ж-а анын филиалы ж. б.), Циолковскийдин үй-музейи, театрлар, планетарий бар. 2002-жылдан 3 жылда бир С. И. Танеев атн. камералык ансамблдердин эл аралык конкурсу, «Калуга жазы» иск-во фестивалы (2004-жылдан) ж. б. өткөрүлүп турат. *Ч. Дүйшоналиев.*

КАЛЧА ПИРОКСЕНИ́Т КЕНИ Баткен р-нунда, Калча кыш-нан 4 *км* түш.-чыгыш тарапта, Сох суусунун сол өйүзүндө. 1973–75-ж. табылган. Кен силур мезгилинде пайда болгон сланецтер арасында жайгашып, 50×160 *м* аянттагы пироксенит штогунан турат. Пироксенит ири кристаллдуу, ачык жашыл түстө. Иретсиз жайгашкан кристаллдар тоо текке кооз түс берип турат. Эте жаракалуу болгондуктан, блок чыкпайт. Оной сайкалданат. Запасы 1,5 млн $м^3$. Майда кооз буюмдарды жасаса болот.

КАЛЧА СЕЛЕНИ́Т КЕНИ Баткен р-нунда, Калча кыш-нан 4–6 *км* чыгышта, Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде. 1970-ж. табылып, 1972-ж. чейин чалгындалган. Кен аймагын палеоген мезгилинде пайда болгон кумдук, чопо, акиташ тектери түзөт. Селенит кызгылтым, мала кызыл түстө, була сымал майда кристаллдардан турат, калыңдыгы 30–35 *м* болгон акиташ тегинин арасында линза, уя түрүндө кездешет. Катмардан калыңдыгы 20 *смге* жеткен 20га жакын селенит линзасы табылган. Запасы 10 млн тдай. Кооз буюмдарды жасаса болот.

КАЛЫГУЛ (мурдагы Сталин) – Чүй р-нундагы кыштак. Ак-Бешим айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 970 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Токмок ш-нан 14 *км* түш.-чыгыш тарапта. Калкы 930 (2010); негизинен дыйканчылыкта эмгектенет. ФАП бар.

КАЛЫГУЛ Бай уулу (1785, азыркы Ысык-Көл р-ну, Кара-Ой айылы – 1855, Чолпон-Ата) – кыргыз элине кенири белгилүү ойчул, нускоочу акын; *«Замана» агымынын* өкүлдөрүнүн бири.



Калыгул. Р. Исаков тарткан сүрөт.

К-дун өмүр жолу, чыгармалары ж-дө так маалыматтар аз. Октябрь рев-ясына чейин К-дун мурастары эл арасында оозеки айтылып келген. Совет доорунун биринчи жылдарында анын чыгармалары аздап жыйнала баштаган, ил. жактан изилденип, мектептерде ж-а пед. ин-тта окутулуп келген. Бирок совет мезгилинин, айрыкча 1947-жылдан анын чыг-лыгы реакциячыл деген жалаа м-н катуу сынга алынган. Ал ж-дө изилдөөлөр токтотулуп, чыгармалары пайдалануу тыюу салынган. К. 6–7 жашынан айылындагы Сопу ата деген чоң молдодон таалим алган. Чыгармаларындагы маалыматтарга караганда Чыгыш элдеринин ал-тынан, мад-тынан, тарыхынан кабардар болгон. Айрыкча О. Азиянын Кулкожо Акмат (Кулкожоакмат), сопу Алдаяр (Сополдаяр) сыяктуу белгилүү инсандардын чыгармалары, филос. көз караштары, сопучулук (суфизим) түшүнүктөрү м-н терең тааныштыгы байкалат. К. жаш кезинен эле эл оозуна алынып, кадыр-баркы артат. К. өзү жашаган тарыхый доордун улуу өкүлү катары кыргыз жергесинде болуп жаткан орчундуу окуялардын дээрлик бардыгына катышып, көпчүлүк учурларда активдүү роль ойногон. Түндүк кыргыздар м-н Кокон хандыгынын иш алакаларында элчи, кеңешчи катары өз уруусунун ж-а элинин таламын коргогон. Сарбагыш, бугу урууларынын, жалпы эле Көл чөлкөмүнүн Кокон хандыгына баш ийбей калышында К-дун ролу чоң делет. Ал Ормондун хан шайланышына активдүү катышат. К. акылман, олуя катары кыргыз жергесин басып алууга умтулуп, каптап келе жаткан орус падышачылыгынын баскынчылык саясатынын коркунучун алдын ала көрө билген. Ал коом, турмуш, жашоо, каада-салт, тиричиликтин түрдүү учурлары ж-дө ой-пикирлерин, корутундуларын, кеп-кеңештерин «маселдер» деп атап, накыл сөз түрүндө, уйкаштыкка келтирип баяндаган. Ал башка акындардан айырмаланып, чоң жыйындарда ырдабай, айтышка түшпөй, комуз чертпей, ырларын маселдетип, жорго, накыл сөз түрүндө куюлуштуруп, обонсуз айткан. К-дун масел сөздөрү ар кыл багытта, тематикада болуп, өз алдынчалыкка, жеке өзгөчөлүккө ээ. Акындардын айрымдары анын идеяларын улантышса, бир даары анын «Акыр заманынын» нугунда чыгармаларды түзгөн. К-дун маселдери бир бүтүн чыгарма эмес, ар бир ыр түрмөгү кыска-кыска жыйынтыктуу, корутунду түрүндө кыска айтылып, ар башка мазмундагы, багыттагы бир канча ойду өзүнө камтыйт. Аларда турмуштун ар кандай жактарына ой чаптырылып, коом м-н адамдардын жашоосундагы социалдык мааниси терең маселелер козголот. Ал жамандык-жакшылык, марттык-сараңдык, өмүр-өлүм, айкөлдүк-пастык, жүрүм-турум адеби, үй-бүлөлүк ж-а тууганчылык мамиле, турмуш мыйзамы, сулуулук ж-а көркөмдүк, кооздук ж. б. темада, ар башка багытта терең ойлорду айткан. К-дун чыг-лыгын мүнөздөй турган, өзүнө гана таандык турмуштук, коомдук-социалдык көз караштары, филос. ой толгоолору, жыйынтык-корутундулары бар. Анын чыгармалары мазмуну, багыты гана эмес, түрү ж-а түзүлүшү жагынан да төкмөлүк поэзиядан айырмаланат. Муун өлчөмүндө, саптык түзүмүндө да ырчылар поэзиясындагы салттуу 7–8 муун өлчөмү ар дайым сакталa бербейт; 4–5 муундук түзүлүш басымдуу. К-дун чыгармаларын мазмундук өзгөчөлүктөрүнө, идеялык маңызына карап шарттуу түрдө эки топко бөлүүгө болот: 1) нукура элдик, салттуу поэзиянын нугунда түзүлгөн санат, терме ырлары. Акындын ырларында адамдын бийик ж-а асыл сапаттары даназаланып, адамгерчиликке, боорукерликке, кайраттуулукка, дос-тууганга кайрымдуу, жолдошчулукка туруктуу болууга үндөйт. К. салттуу поэзиянын нугунда түзүлгөн санат ырларында элдик көз караштын айрым жактарын өз байкоолору, ой тизмеги м-н толуктап, кеңейткен, калк тарабынан калыпка түшкөн ойлор м-н катар акындын өз жекечелигин көрсөткөн жагдайлар арбын; 2) Калыгулдун масел сөздөрү. К. нускоочу акын болгондуктан, анын ойлору турмуш-тиричилик жагдайдын тегерегинде гана болбостон, коом, замана, анын келечеги, өлкөнү башкаруу иштери, рухий дүйнөгө кире турган өзгөрүүлөр сыяктуу социалдык курч маселелерге багытталган. Анын «Акыр заманында» («Масел сөздөрүндө») кыргыз коомунун келечек тагдыры тууралуу ой жүгүртүлөт. «Акыр заман» – маселдердин, накыл сөздөрдүн жыйындысын түзүп, бир мазмунга, бир бүтүн композициялык түзүлүшкө ээ эмес, уйкаштыгына караганда накыл сөзгө көбүрөөк жакын. Олуя акын кыргыз коомчулугунун келечек тагдыры, адеп-ахлагы, социалдык өзгөрүүлөр ж-дө алдын ала ой жүгүртүү деңгээлине көтөрүлгөн. К. өз учурундагы көчмөн кыргыз коомунда үстөмдүк кылган патриархалдык наркнасил, адат-салттын ыдыроо алдында тургандыгын билген, келечекте анын социалдык маңызында, адамдардын кулк-мүнөзүндө, жүрүм-турумунда өзгөрүүлөр болорун туура баамдаган.

К-дун чыгармаларына Совет мезгилинде тыюу салынгандыктан, анын чыгармалары толук жазылып калбаган, изилдөөлөр да жок. Анын чыгармалары кылдат текстол. талдоого муктаж, ага тиешелүү маалыматтар, чыгармалар тактоону ж-а изилдөөнү талап кылат. Белгилүү маалыматтарга караганда, К-дун чыгармаларынын айрым үлгүлөрү 1922-ж. Нарын уездинде К. Миф-



Калыгулга Кара-Ой айылында тургузулган күмбөз. 1999.

таков тарабынан белгилүү манасчы С. Орозбаковдун айтуусунда биринчи жолу кагаз бетине түшүрүлгөн. Айрым маселдери И. Арабаевдин 1925-ж. жарыкка чыккан «Сабатсыздыкты жоюу алиппеси» аттуу окуу китебинде «Калыгул бийдин сөзү» деген тема м-н берилген. Олуянын белгилүү чыгармалары ж-а ал ж-дө эскерүүлөр, ил. пикирлер топтолуп, «Акылман Калыгул» деген аталыштагы жыйнак 2000-ж. жарык көргөн. К-дун чыг-лыгы кыргыз ад-тында, а. и. ырчылар поэзиясынын тарыхында зор из калтырган. 1999-ж. 30-октябрда туулуп-өскөн айылында күмбөзү орнотулган.

Ад.: Калыгул Бай уулу. Б., 1992; Калыгул. Казыбек. Казалдар. Б., 1992.

Б. Кебекова, Ж. Медералиева.

КАЛЫГУЛ ЧЕЧЕН Алыбек уулу (1806, Чүй өрөөнү, азыркы Токмок ш. – 1899, о. эле жер) – чечен ж-а калыстыгы м-н таанылган кыргыз элчиси. Уруулар аралык чыр-чатак, ар кандай доо ж. б. маселелерди чечүүгө катышып, эл оозуна алынган. *Кенесары* хандын 1-чабуулунан (к. *Кенесарынын чапкыны*) кийин (1846) кыргыздардан элчи болуп казактарга барганда, Кенесары үйүлгөн кылычтарды көргөзүп: «Силерди чаап алууга даярдап жатам»,– десе, К. ч.: «Өткөн чабуулда мунунар үйдө калды беле?» – деген. Хан жооп таба албай: «Оозуңду жап!» – дегенде, «Мени кыргыздар эт жеп, кымыз ичип эмес, керектүү сөз айтып келүүгө жиберген», – деп жалтанбай, так-таасын сөз айткандыгы тууралуу аңыз кептер айтылат. Кенесары сөзгө жыгылып, кыргыз м-н убактылуу ынтымакка келүүгө макул болгон ж-а К. ч-ге олжого кеткен Таштанбектин (*Атакенин* уулу) болот кылычын кайра бердирген. Кенесарынын колго түшүп, өлтүрүлгөндүгүнө байланыштуу сыйлык берүү үчүн Батыш Сибирь генерал-губернатору князь Горчаков 1847-ж. июлда *Ормон хан* ж-а *Жантай, Жангарач* манаптарды Омск ш-на чакырган. Алар баруудан баш тартып, Ормон хан өз атынан уулу *Умотаалыны*, Жантай К. ч-ди, Жаңгарач туугану Жалантоштү жиберген. Элчилер Омскга Кенесарынын башын алып барып, анын кандай өлтүрүлгөндүгүн айтып беришкен. Туура көрсөтмө бергендиги ж-а эрдиги үчүн К. ч. Георгий тасмалуу күмүш медаль м-н сыйланган. Орус бийлигинин кыргыз элине көрсөткөн зордук-зомбулугун токтотууну сурануу, К. ч-дин Алматыга (Верный) бир нече жолу барып келгендиги ж-дө да маалыматтар бар. Тарыхчы Б. Солтоноев К. ч-ге жолугуп, кыргыздардын Кенесарынын баскынчылык жортуулдарына каршы күрөшү тууралуу директүү маалыматтарды жазып алган.

Ад.: *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. 1-том. Б., 1993; *Эсенкул Төрөкан уулу.* Кыргыздын кыскача санжырасы. Б. 1995; *Алихан Букейхан (Степняк).* Материалы к истории султана Кенесары Касымова. // Кыргызстан тарыхынын маселелери. № 4. Б., 2006.



КАЛЫК Акыев [1883, Нарын обл., Жумгал р-ну, Кулжыгач (азыркы Түгөл-Сай айылы) – 3. 11. 1953, Фрунзе] – төкмө акын, Кыргыз ССР эл арт. (1939). К. ырчы катары 18–19 жашында таанылган. Буга чейин эле ал айыл арасында элдик ырларды ырдап жүргөн. «Жокчулук» аттуу тунгуч ырында «жалдыратып байларга жалчы кылган, бүтүн жанды кемитип жарты кылган» таптык-тик коомду, падыша бийлигинин адилетсиздигин ачык көрсөткөн. Октябрь рев-ясына чейинки кедейлердин турмушу «Жер кепеде өткөн күн», «Саламдашуу», «Чыйбылдын үйүндө» ж. б. ырларында айтылат. К-тын рев-яга чейинки ырлары м-н айтыштарынын көбү убагында кагазга түшүрүлбөй калган. Анын ырчылык өнөрүнүн жетилишине Токтогулдун таалими зор. Адегенде ал *Калмырза, Эшмамбет, Жеңижок, Айдараалы* өңдүү ырчылардан таалим алып, ырчылык өнөрүн өөрчүтсө, Токтогул анын талантын таптап, чындыкты таамай ырдоого, карапайым эл турмушун тартынбай айтууга багыт берген. К. улуу акын м-н бирге көп жүрүп, элдин муң-зары, кайгы-кубанычы ж-дө бирге ырдашкан. Экөөнөн «Саламдашуу», «Карымшактыкындагы ыр», «Анжыян тарабында», «Коштошуу», «Бакачы дыйкан Кебекчи» дегендей белгилүү алым-сабак айтыштар калган.

К. «Жакшы күтүп алалы», «Кытайдан кайткан туугандарга» (1918–19) сыяктуу ырларында Октябрь рев-ясынын жеңишин, Совет бийлигинин орношун билдирген. 1919-ж. ырчы Жети-Суу обл-нын тунгуч съездине делегат болуп катышып, жаңы заманды даңазалаган «Съезддеги куттуктоо» деген ырын ырдаган. 1926-ж. К. Фрунзеде жаңы ачылган Кыргыз улуттук театрына артист болуп кирип, 1936-ж. Кыргыз мамл. филармониясына которулуп, өмүрүнүн акырына чейин анда иштеген. Бул жылдары К. кыргыздын эл шайырлары м-н бирге жүрүп, респ-кадагы эмгек кайнаган жерлерде болуп, социалдык жаңылыктарды көрүп, маданий ж-а коомдук турмушка белсене катышкан. Мындай жагдайлар К-тын 1930–40-жылдардагы ырларынын тематикасын мурдагыга караганда алда канча кеңейткен, маанисин дагы тереңдеткен. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде ондогон патриоттук ырларды жараткан: «Панфилов баатырга», «Улуу жениш» (экөө тең 1936), «Өлбөс баатыр» (1940). «Ырлар жана поэмалар» (1940), «Ырлар жыйнагы» (1943), «Тандалган ырлар» (1958) аттуу ыр жыйнактары жарыкка чыккан. «Баскан жол» (1964) мемуардык чыгармасынын ил. ж-а эстетикалык мааниси зор. Ал Токтогулдун ырларын жыйнап, бастырууга чоң эмгек жумшаган. К. кыргыз элинин эпикалык чыгармаларынын дээрлик бүт баарын айткан. Анын айтуусунда «Жаныш-Байыш», «Курманбек» аттуу кенже эпостор жарык көрдү (1970). Андан «Карагул ботом», «Кырач доо», «Ак Мөөр», «Өмүр жана Болот», «Бир асыл» аттуу дастандар жазылып алынган. Ысмы туулуп-өскөн айылындагы мектепке, Бишкек ш-ндагы К. Акыев атн. көчөгө эстелиги тургузулду. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

Ад.: *Кебекова Б.* Кыргыз эл ырчылары. Б., 1994; *Обозканов А.* Калык Акы уулунун көп кырдуу өнөрү. Б., 2000; Токмолуктун башаты – калыптануу жана синкреттүү табияты. Б., 2006.

А. Обозканов.

КАЛЫН – турмушка чыгуучу кыздын ата-энесине келин алуучу тараптан берилген тартуу. Үй-бүлө никелешүүнүн негизги шарты болуп, негизинен малдан турган. Бай үй-бүлөлөр көпчүлүк убакта К. катары *жамбы* төлөшкөн. Мал м-н төлөгөндө тогуздап эсептелген. К. төлөөдө коомдогу мүлктүк мамилелер даана байкалган. Себеби, К-ды толук бойдон өз убагында оокаттуу, малдуу, урук-туугандуу үй-бүлөлөр гана төлөй алышкан. Кедей үй-бүлөлөр К-ды көп жылга чейин төлөй алышпагандыктан, баласы кеч турмуш курган. Шарт б-ча кудалашууда бычылган К. толугу м-н же бөлүк-бөлүк болуп төлөнгөн. К. төлөнүп бүткөндөн кийин гана үйлөнүү тоюна кам көрүлгөн. К. төлөө кыргыздын салттуу турмушунда үй-бүлөнүн эмес, уруктун жалпы иши болгон. Аны урукташтар чогуу көтөргөн. К. кыздын атасына гана эмес, уругуна төлөнгөн. Кийинчерээк, мындай көрүнүш өзгөрүүлөргө дуушар болуп, үй-бүлөнүн өз иши болуп калган.

КАЛЫП, информатикада, к. *Формат.*

КАЛЫП техникада – 1) куюлмаларды (металл, айнек, желим, бетон, кыш, таш ж. б.) алууда колдонулуучу форма. К-ка эритилген же атайын кошулмалардын негизинде даярдалган материал куюлат. Ысыкка чыдамдуу, бышык бекем материалдан даярдалат. Ар кандай түрлөрү бар. Бетон ж-а темир-бетон констр-ларды көтөрүүдө арматура ж-а бетон аралашмасы салынуучу форма. К. жыгач, металл, темир-бетон, пластмасса, карапа ж. б. материалдан даярдалат. Ажыратып кайра коюлма, коломдүү-блоктуу ж-а жылдырылма (кыймылдуу) К-тар кеңири тараган.

КАЛЫП этнографияда – жасалуучу, куюлуучу ар кандай нерсенин же буюмдун түрүн түшүрүү үчүн колдонулуучу үлгү, кеп. К. көбүнчө *зергерчиликте* кеңири тараган. *Зергерлер* күлбото топуракка жүн, тыбыт ж-а кылтак кошуп аябай ийлеп, чөйчөкчө кылып кургатып, ага ар кандай оймо-чийме түшүрүп, К. жасашкан. Ат жабдыктарын, кемер кур, кыз-келиндердин асем буюмдарын ж. б. жасаш үчүн түстүү металлдарды куюуда кеңири колдонушкан. Ортосунда ар кандай чоңдуктагы бир нече ок куюулуучу чуңкурлары бар жиксиз беттелүүчү эки бөлөк жалпак май таш – ок К. же калып таш, тактайдан чарчы түрүндө жасалып, кыш, көң куюлса, кыш же көң куюучу К. деп аталат.

КАЛЫПТОО – куюлуучу материалдарды формага келтирүү процесси. Кол ж-а машина м-н К. болуп айырмаланат. Кол м-н аз сандагы ж-а ири өлчөмдөгү, ал эми машина м-н көп сандагы ж-а ири өлчөмдөгү материалдарды К. жүргүзүлөт. Оор ж-а чоң өлчөмдөгү куймалар кол м-н К-до куюлуучу нерсе үлгүсүнүн негизинде топурак формалуу рамада даярдалат. Ал үчүн К-чу цехте атайын чуңкурлар казылып, түбүнө суу кирбей тургандай бетон (кессон) төшөлөт. Анын түбүнө атайын газ өтүүчү материал жаткырылат ж-а ал төшөгү деп аталат. Майда куюлмаларды алууда кум-чопо аралашмасы ж-а ири өлчөмдөгү нерселерди куюда катуу материалдар төшөлөт. Машина м-н К-до, калыпты даярдоо операциясы толугу м-н же кээ бир бөлүктөрү гана механикалаштырылып, автоматташтырылган. О. эле куюлмалардын тактыгы ж-а бышыктыгы кол м-н К-го караганда жогору болот.

КАЛЫПТОО МАТЕРИАЛДАРЫ – ар кандай формадагы бир жолу колдонулуучу материалдар. Баштапкы К. м. ж-а калыптоо аралашмасы болуп айырмаланат. Баштапкы К. м. калыптоо ж-а стержендик аралашмаларды даярдоодо колдонулат. К. м. толтуруучу, байланыштыруучу ж-а жардамчы болуп бөлүнөт. Толтуруучу К. м-на өрткө туруштук берүүчү кварц куму (мис., хромит) ж-а атайын материалдар (мис., чоюн бытыра) кирет. Кеңири таралган кварц кумунун негизин өрткө чыдамдуу (1710°C) ж-а катуулугу 5,5 – 7 (Моос шкаласы б-ча) кварц (SiO_2) түзөт. Курамынын 50% и чоподон турса, чопо К. м. деп аталат. Бүртүкчөлөрүнүн өлчөмүнө жараша чополуу кум атайын электен өткөрүлүп, өзүнчө топторго бөлүнөт. Өтө кесектери чоюн куюлмаларында, орточосу ж-а майдасы чоюн ж-а болот куюлмаларында, өтө майдалары – жука чоюн ж-а болот, о. эле түстүү аралашмаларды куюуда колдонулат. Кошумча материалдар м-н куйма кошулманын сапатын жогорулатып, легирленген, отко туруктуу жабдуулар алынат.

КАЛЫПТООЧУ МАШИНА – курулушта аралашманы ныктоочу, куюлган буюмду (моделди) калыптан чыгаруучу машина. Ал материалды куюудагы оор жумуштарды механикалаштырып, куюу жолу м-н даярдалган нерсенин бекемдиги, тыгыздыгы ж-а өлчөмү бирдей, так алынышына мүмкүндүк берет. К. м-ныи кол, кысоор пресс ж. б. м-н ныктоо ыкмалары бар. Кол м-н ныктоодо куюлган үлгүнү ажыратуу гана механикалаштырылган. К. м-ныи меха-

низмин кыймылга келтирүүгө (пневматикалык, гидравликалык, механикалык, электр-магниттик), аралашманы тыгыздоо методуна (кагуучу, ныктоочу, дирилдетүүчү) ж-а калыптан чыгаруу ыкмасына жараша (штифт м-н көтөрүп ажыратуучу, калыпты төмөн түшүрүп ажыратуучу, аңтарып ажыратуучу) түрлөргө бөлүнөт.

КАЛЬДЕ́РА (испанча caldera, сөзмө-сөз – чоң казан) – казан сымал, капталдары тик, таманы тегиз жайык ойдун; тегерек же сүйрү тегерек келген кенен чуңкурдук, диаметри 10–20 *км*, тереңдиги жүздөгөн *мге* жетет. Капталдары тик же көп тектирлүү. Жанар тоо өзөгүнүн (жерло) колкосуна (кратер) газдар топтолуп, жарылууга учураганда же колкодогу кесек талкаланган тектердин урап, кулап кетишинен келип чыгат. Жер бетиндеги эң ири К-лардын бири – Япониядагы Асо К-сы кирет. Аянты 375 *км*^{2}.

КА́ЛЬКА (фр. calque – көчүрмө) – жогорку сапаттагы тунук кагаз же тунуктук бериш үчүн майлардын эритмеси, чайыр, мом д. у. с. сиңирилип, пахта-кагаз кошулуп жасалган жука кездеме; чертёж-чиймелердин копиясын алыш үчүн колдонулат; ушул материалга түшүрүлгөн чертёждун копиясы да калька деп айтылат.

КА́ЛЬКА – башка тилдеги сөздүн, туруктуу сөз айкашынын жасалыш үлгүсүнө ылайыкталып, экинчи бир тилге которулуп алынышы же сөздүн да ошондой мааниге ээ болушу. К-нын лексикалык, фразеол., семантикалык деген үч түрү бар. Сөздүн жасалышы б-ча кандай бөлүктөрдөн, морфемалардан турганына карай которулуп алынышы л е к с и к а л ы к (мис., красный уголок – кызыл бурч), туруктуу сөз айкашынын сөзмө-сөз которулуп алынышы ф р а з е о л о г и я л ы к (мис., крылатая мысль – эркин ой), айрым (тике) маанилери б-ча дал келген сөздүн дал келбеген (көбүнчө өтмө) маанисине окшоштурулуп, экинчи тилдеги сөздүн да ошондой мааниге ээ болушу с е м а н т и к а л ы к К. (мис., член – мүчө ж. б.) болот.

КАЛЬКУЛЯ́ТОР (лат. calculator – эсептегич) – эсептөө жүргүзүүчү түзүлүш. Азыркы учурда баскыч топ (клавиша) аркылуу киргизүүчү ЭЭМдин ичинен кеңири тараганы. Өлчөмү эң кичине, чөнтөккө же баштыкка салып жүрмөсү – микрокалькулятор. Микрокалькулятордун бардык моделдери сан ж-а командаларды киргизме – чыгарма ж-а арифм. түзүлүштөрдөн, азыктандыруучу блоктон турат. Эсептөө мүмкүнчүлүгү б-ча микрокалькулятор үч типке бөлүнөт; 1) жөнөкөй микрокалькулятор арифм. төрт амалды аткарат, квадраттык тамыр чыгарат, процент табат, ал эми айрым моделдеринде алынган жыйынтыктарды эсине сактоо мүмкүнчүлүктөрү каралган. Эске жазылган сандарды баскыч топтогу тиешелүү кнопканы басуу м-н таап алууга болот; 2) инж. микрокалькуляторлор ил.-тех.



эсептөөлөрдү жүргүзүүгө багытталган, аны м-н тригонометрия, даража, көрсөткүчтүү, логарифм ж. б. функцияларды эсептөөнү камтыган кыйла татаал эсептөөлөрдү жүргүзүүгө болот. Мындай микрокалькуляторлордо сандын факториалын (n!) табуу, радиандык ченден градустук ченге ж-а тескерисинче градустук ченден радиандык ченге өтүү ж. б. амалдар каралган; 3) программалануучу микрокалькулятор – бул кыйла өркүндөтүлгөн түрү, жогорку экөөндө каралган бардык амалдарды ичине камтыйт. Эсептөө жүргүзүүдө шарттуу белгилөөлөр м-н анын программасы түзүлөт ж-а ал клавишадан терилип, микрокалькулятордун эсине киргизилет. Киргизилген программа автоматтык түрдө аткарылат. Ар типтеги микрокалькулятордо командалар саны ар башка болот.

КАЛЬКУ́ТТА (2001-жылдан расмий аталышы К о л к а т а) – Индиянын чыгышындагы ири шаар ж-а порт (жылына 10 млн *т* жүк ташылат). Гангдын бир салаасы (Хуглинин) боюнда, Бенгал булуңунан 150 *км* аралыкта жайгашкан. Батыш Бенгалия штатынын адм. борбору. Калкы 5,1 млн (2008; Чоң Калькутта агломерациясында 15 млн); калкынын саны б-ча өлкөдөгү 3-шаар (Мумбаи, Делиден кийин). Тогуз жолдун тоому. Эл аралык аэропорту бар. Метрополитен иштейт. Шаар 1690-ж. негизделген. К. 1773-жылдан 1911-ж. чейин Индиядагы Британия ээлигинин борбору болгон. К. – Индиянын чыгышындагы финансы, соода ө. ж-нын ири борбору. Шаарда фонд биржасы (соода жүргүзүү б-ча Мумбаиден кийинки), чет өлкөлүк банктардын ири өкүлчүлүктөрү, алдыңкы корпорациялардын штаб-квартиралары жайгашкан. Ө. ж-нын алдыңкы тармагы машина куруу ж-а металл иштетүү (автомобилдер, ар түрдүү приборлор, электр-тех. продукциялар). Жут (дүйнөдөгү жуттун 50% өндүрүлөт), текстиль, хим., кагаз өндүрүшүнүн борбору. О. эле кеме куруу ж-а ремонттоо, фармацевтика, боёочу каражаттар, айнек, азык-түлүк, полигр. ж. б. ө. ж. ишканалары иштейт. К. – Индиянын ири ил. ж-а маданий борбору. Эки ун-т (Калькутта, 1857; Жадавпур, 1955), ин-ттар (а. и. Рабиндри Бхарати), ж-а ил.-из. мекемелери (а. и. Ш. Бозе атн. Фундаменталдык илимдер борбору), музейлер (а. и. археол., этногр.), Рабиндранат *Тагордун* үй-музейи, улуттук китепкана (анда учурда 1,5 млн китеп сакталууда), парк ж. б. бар. Сепил (Уильям форту), Ыйык Павел христиан, Ыйык Ионн англикан соборлору, Накхода мечити, индус храмы, раджалардын ак сарайлары сакталган. Ботан. бак уюштурулуп, обсерватория курулган. Кино

Калькутта шаарынын жалпы көрүнүшү.



индустриясынын ири борбору. Улуттук театр [illegible] аралык кино фестивалдары, 1987-ж. Түш. [illegible] оюндарынын, 2005-жылдан аялдар арасында теннис турнири жыл сайын өткөрүлүп турат. Туризмдин ж-а зыярат кылуунун дүйнөлүк маанидеги ири борбору.

КА́ЛЬМАН Имре (24. 10. 1882, Шиофок, Австрия-Венгрия – 30. 10. 1953, Париж) – венгриялык ж-а австриялык композитор ж-а дирижёр. [illegible]-ж. Будапешт ун-тинин юридика ф-тин[illegible] эле жылдары муз. академияда Х. Кёс[illegible]окуган. 1904–08-ж. «Pesti Naplo» гези[illegible] ж-а драма театрда муз. сынчы болуп иш[illegible]. Жаңы Вена опереттасын түзүүчүлөрдүн бири. Тунгуч опереттасы – «Күзгү манёврлар» (1908). Белгилүү оперетталары: «Чардаш королевасы» («Сильва», 1915), «Баядера» (1921), «Марица» (1924), «Цирк ханышасы», «Маринка» (1945) ж. б. Ал 20 оперетта жазган. Опереттага венгр муз. фольклорун алгач колдонгон, аны демократташтырган. 1938-ж. эмиграцияга Швейцарияга кетип, 1940-жылдан АКШда, 1948-жылдан Францияда жашаган. Оперетталары дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө коюлуп келет.

КАЛЬМАРЛАР (Teythida) – баш буттуу моллюскалар түркүмү. Дене уз. 2 *см*ден 5 *мге* жетет. Ири К-дын уз. 6–13 *мге* (тинтүүрү м-н), кээде 18 *мге*, салм. 300 *кг*дан 1 *т*га чейин жетет. Башында 8 буту, 2 тинтүүрү бар. Тинтүүрүндө төрт же андан көбүрөөк катар соргучтары болот. Скелети мүйүз сымал ичке пластинка (гладиус). Бардыгынын радуласы ж-а сыя баштыкчалары бар. Тайыз сууда жашоочу К. түсүн өзгөртүп турат, тереңдегилери бир түстө же түссүз. Көбүнүн жарык чыгаруучу органдары бар. К-дын 25 тукуму, 85тен ашык уруусу, 250дөн ашык түрү Арктикадан Антарктидага чейин таралган. К. – үйүрү м-н жүргөн активдүү жырткычтар. Деңиз түбүндөгүлөрү – аз кыймылдаган макропланктонофагдар. К. – кашолоттун, о. эле кээ бир деңиз жаныбарларынын негизги азыгы. К. – фармацевтика ө. ж-нын сырьё булагы.



КА́ЛЬЦИЙ (лат. Calcium), Ca – *элементтердин мезгилдик системасынын II* тобунда жайгашкан хим. элемент; ат.н. 20, ат. м. 40,08; тыгызд. 1,54 *г/см*^{3}; эрүү t 851°C; кайноо t 1492°C. Табиятта туруктуу 6 изотобу бар: ^{40}Ca, ^{44}Ca, ^{42}Ca, ^{48}Ca, ^{43}Ca ж-а ^{46}Ca. Табигый бирикмелери: $CaCO_3$ – арагонит, $CaMg(CO_3)_2$ – доломит, CaF_2 – флюорит, $CaSO_4 \cdot 2H_2O$ – гипс; $Ca3(PO_4)_2$ – фосфорит ж. б. К. – күмүш сымал ак, жеңил металл. Металл түрүндөгү К-ди 1808-ж. англ. химик Г. Дэви алган. Жер кыртышында массасы б-ча 2,96%ти ээлеп, O, Si, Al, Feден кийинки 5-орунда турат. К. ысытканда бардык металлдарды алардын оксиддеринен, сульфиддеринен ж-а галогениддеринен сүрүп чыгарат. Кадимки темпрада К. *кычкылтек* м-н реакцияга оңой кирип, CaOну пайда кылат, CaO сууда эрип, күчтүү негизди $Ca(OH)_2$ берет. К. бардык к-та м-н реакцияга оңой кирип, суутекти сүрүп чыгарат. *Галогендер* м-н аракеттенип, тиешелүү туздарды, кургак суутек м-н аракеттенип гидриддерди, графит м-н кошуп ысытканда, карбиддерди пайда кылат. К. эритилген $CaCl_2$ни электролиздөө ж-а алюминотермиялык жол м-н алынат: $6CaO+4Al=2Al_2O_3+6Ca$. Таза К. металлы *цезий, рубидий, хром, цирконий, торий, ванадийдин* бирикмелерин металлга чейин калыбына келтирүүдө ж-а болот иштетүүдө колдонулат. Техникада К-дин *коргошун* м-н куймасы, минералдары кеңири пайдаланылат. Мис., – курулуш материалдары өчүрүлгөн акиташ, цемент ж-а силикат кышын алууда, металлургияда, хим. ө. ж-нда К. карбидин, соданы, хлордуу акиташты, жер семирткичтерди алууда, кант, айнек өндүрүүдө колдонулат. Бор, мрамор, талаа шпаты, гипс, флюорит ж.б-дын турмушта мааниси өтө чоң.

КАЛЬЦИ́Т (лат. calcis – аки), а к и т а ш ш п а т ы, карбонаттар классына кирүүчү минерал. Хим. формуласы $CaCO_3$. *Тригон системасында* кристаллданат. Өңү ак, боз, каралжын, саргыч. Курамындагы киринди элементтерге жараша түрдүү түстө болот. Кээси түссүз. Мөлтүрөгөн тунуктары да кездешет. Кош чагылууну пайда кылган тунук түрү исланд шпаты деп аталат. Анын бетин чийсе, кош чийин болуп көрүнөт. Айнектей жалтырайт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 3. Салыштырма салмагы 2,7. Суу кошулган туз к-тасын тамчылатсак, көмүр кычкыл газын бөлүп чыгарып, боркулдап кайнайт. Жер кыртышында кеңири тараган минерал. Акиташ, доломит, мрамор, бор



сыяктуу тектердин курамында жолугат. Хим. чөкмөлөрдө (акиташ, доломит), гидротерм (кальцит тарамдары) ж-а метаморфизм процессинен (мрамор) пайда болот. Жаныбарлардын скелеттерин, сөөксаактарын, раковиналарын түзүүгө катышат. Курулуш ишинде, акиташ өндүрүүдө, металлургияда, хим., кагаз, резина ө. ж-нда, айнек жасоодо, полиграфияда колдонулат. Исланд шпаты микроскопто пайдаланылат.

КА́ЛЬЯН – Индияның батышындагы шаар. Махараштра штатында. Араб деңизинин жээгинде, Улхас д-нын чатында жайгашкан. Калкы 1,3 млн (2008; Домбивли ш. м-н биригип кеткен). Т. ж. тоому. *Мумбаи* ш. м-н т. ж. аркылуу байланышат. Чоң Мумбаи агломерациясына кирет. Алгач б. з. ч. 4-к-да порт катары эскерилет. 19-к-дын башында Бомбей провинциясынын курамына (1947–60 Бомбей штатында) киргизилген. Машина куруу (электр жабдуулары), металл иштетүү, нефть ажыратуу, хим. (боёктор, жуучу каражаттар ж. б.), текстиль (кебез-кездеме) ө. ж. ишканалары иштейт.

КАЛЬЯ́О – Перудагы шаар. Кальяо конституциялык провинциясын (өзгөчө адм. бирдикти) түзөт. Тынч океандын жээгиндеги кууш тилкеде жайгашкан. Калкы 390 миң (2008; провинциясында 849,6 миң). Лима борб. агломерациясына кирет. Ири жолдор тоому (Панамерика шоссесинин бир бөлүгү да өтөт). Эл аралык аэропорту бар. К. – Перунун «деңиз дарбазасы» ж-а Лиманын аванпорту. Өлкөнүн ири соода ж-а балык кармоочу башкы порту. Шаар 1537-ж. негизделип, 1671-ж. шаар статусун алган. 1746-ж. толугу м-н цунамиден талкаланып (5 миң жашоочудан 200дөй гана адам калган), кийинчерээк кайрадан курулган. 1820-жылдан көз каранды эмес Перунун курамында. Реаль-Фелипе (18-к.) чеби, чиркөөлөр сакталган. Ун-ттер (а. и. католик, улуттук), аскер-деңиз мектеби, Олимпия академиясы, деңиз ин-ту, китепкана, аскер-деңиз музейи, театр бар. К.– өлкөнүн ири индустриялык борбору. Перудагы ири кеме ремонттоочу ишканалар (көптөгөн кургак доктору м-н) ири нефть ажыратуучу з-ддору, навигациялык жабдуулар өндүрүшү, хим., жеңил, тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт. Балык кармалып, беленделет.

КАЛЬЯ́РИ – Италиядагы шаар. Сардиния а-нын башкы экон. ж-а маданий борбору. Сардиния обл-нун ж-а Кальяри р-нунун адм. борбору. Сардиния а-нын түштүгүндө жайгашкан. Калкы 154,1 миң (2008; шаар айланасы м-н 380 миң). Жер Ортолук деңизинин Кальяри булуңундагы порт (жылына 4,6 млн *т* жүк ташылат). Аэропорту бар. Финикиялыктар тарабынан б. з. ч. 7-к-да негизделген. Шаардын эски бөлүгү аралдын деңиз жак жээгиндеги дөңсөөлөрдө жайгашып, ө. кылымдын сепилдери, дубалдар ж-а мунаралар м-н курчалган. Амфитеатр (б. з. ч. 1-к. – б. з. 1-к.; бул жерде жайында опера спектаклдери өткөрүлөт), Ыйыктар Косма ж-а Дамиан (же Ыйык Сатурнин, 5–7-к., К-дын эң байыркы храм) ж-а Ыйык Эфизио (5 к.) чиркөөлөрү, Санта-Мария-Ассунта (13–14-к.) собору, палаццо ж. б. сакталган. Ун-т, астр. обсерватория, мамл. архив, китепканалар, улуттук пинакотека, музейлер, сүрөт гал., опера театры бар. Машина куруу, металл иштетүү, электртех., жыгаччылык, текстиль, тамак-аш ж-а тамеки ө. ж. ишканалары иштейт. Ботан. бак уюштурулган. Шаардын экономикасын тейлөө чөйрөсү түзөт. Жыл сайын күндөлүк керектелүүчү товарлардын эл аралык көргөзмөсү өткөрүлөт. Туризм (яхтинг, дайвинг) өнүккөн.

КАЛЯК, к э л э к, и л е к и – аялдардын баш кийими, к. *Элечек*.

КА́МА (удмуртча «кам» – дарыя, агым) – Россиянын европ. бөлүгүндөгү дарыя, Волганын эң ири (сол) куймасы. Куйбышев суу сактагычына куят. Уз. 1805 *км*, алабынын аянты 507 миң *км*². Жогорку Кама деңсоосүнөн башталат. Башталышында нугу туруксуз, ийри-буйру. Вишеранын чатынан төмөн суусу мол дарыя. Агымы бир далай бөлүгүндө Кама, Вотка,



Кама дарыясы.

Төмөнкү Кама ГЭСтеринин плотиналары м-н жонго салынган; алардан жогору суу сактагыч курулган. Ири куймалары: Вишера, Яйва, Косьва, Чусовой, Ак-Эдил, Ик (сол), Иньва, Оква, Иж, Вятка (он). Орт. чыгымы Пермь ш. туштa 1600 *м*³/*сек*, чатында 2770 *м*³/*сек* (эң чону 4100 *м*³/*сек*, эң азы 1780 *м*³/*сек*), агымынын көп жылдык орт. көлөмү 87,4 *км*³/*жыл*. Негизинен кар (60%), ө. эле жер астындагы (25%) ж-а жамгыр сууларынан (15%) куралат. Жогорку агымында ноябрдын башынан, төмөн жагында ноябрдын аягынан апрелге чейин муз каптайт. Жогорку бөлүгүндө жыгач бириндетип агызылат; Пермь ш-нан Москва, Нижний Новгород, Астрахань, Уфа ш-на чейин пассажир кемелери туруктуу жүрөт. Негизги шаарлары ж-а порттору: Соликамск, Березники, Пермь, Краснокамск, Сарапул, Набережные Челны, Чистополь.

КАМАГУЭ́Й – Кубадагы шаар. Камагуэй провинциясынын адм. борбору. Атибонико д-нын өрөөнүндө, Гаванадан түш.-чыгышта жайгашкан. Калкы 309,5 миң (2008); калкынын саны б-ча өлкөдөгү 3-шаар (Гавана, Сантьяго-де-Кубадан кийин). Эл аралык аэропорту бар. 1514-ж. Кубанын губернатору Веласкес де Куэльяр тарабынан негизделген. 1817-жылдан шаар статусуна ээ. 1903-жылдан азыркыдай аталат. Чиркөөлөр, ак сарайлар, театрлар, бир нече ири аянттар сакталган. Ил.-из. мекемелер (а. и. информатика ж-а технология башкармалыгы), жана-чойрону изилдөө борборлору, ун-т, китепкана, архив, край таануу музейи, сүрөт гал. ж. б. Шаардын ө. ж. ишканалары негизинен а. ч. продуктуларын белендөөгө адистешкен. Сүт өндүрүү б-ча өлкөдө алдынкы орунду ээлейт (жылына 70 млн *л*). Пиво ж-а суусундуктарды куюу өндүрүшү (Кубадагы эң ири), курулуш материалдар, мин. жер семирткичтер ж-а резинадан буюм жасоочу ө. ж. ишканалары иштейт.

КАМА́КУРА – Японiядагы музей-шаар. Сагами булуңунун жээгинде, Хонсю а-нын түш.-чыгышында жайгашкан. Калкы 165,2 миң (2007).



Кэнтёдзи храмы. Сёдо башкы залы. 1458.

Жолдор тоому. Шаардын арх-расында салттуу ж-а заманбап курулуштар айкалышып курулган. Будданын (Дайбуцу) колодон куюлган статуясы (1252; бийикт. 11,5 *м*), көптөгөн буддизм ж-а синтоизм храмдары м-н монастырлар (Хасэдэра, 8-к.; Гокуракудзи, Энгакудзи 13-к.; Цуругаока Хатимангу, 1063–1828; бардыгы жыгачтан салынган) сакталган. Шаар сёгундардын борбору катары 1192-ж. негизделген. Кино, машина куруу ө. ж. ишканалары иштейт. Музейлер (улуттук байлык, заманбап иск-во), коркомколдонмо буюмдар, сувенирлер өндүрүшү бар. Буддисттердин зыярат борбору. Деңиз курорту. Туризм (жылына 20 млнго жакын туристтер келет) өнүккөн.

КАМАЛОВ Асан (1929, Казак ССРи, Түш. Казакстан обл., Чымкент ш. – 1989, Чүй обл., Сокулук р-ну, Кызыл-Туу айылы) – а. ч. өндүрүшүнүн ишмери, Соц. Эмг. Баатыры (1971). Москва вет. академиясын бүтүргөн (1955). Кыргыз ССРинин Киров (азыркы Кара-Буура) р-нундагы С. М. Киров атн. колхоздун башкы зоотехниги, 1962-жылдан парт. уюмунун секретары. 1964–72-ж. Талас облнунун Ленинполь (азыркы Бакай-Ата) р-нундагы «Победа» колхозунун башкармасы болуп иштеген. Ал жетектеген колхоз ар тараптан өнүгүп, ири чарбалардын бирине айланган. 1973-жылдан Кырг-н КП Калинин райкомунун 1-секретары, 1982-жылдан Талас облаткомунун төрагасынын орун басары, 1985–89-ж. Сокулук р-нундагы «Путь коммунизма» колхозунун башкармасы. 1975–80-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Ленин, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.



КАМАЛОВ Жылдызбек (1961-ж. т., Ош обл., Алай р-ну, Гүлчө айылы) – химия илимд. доктору (2004). КМУну бүтүргөн (1985). ОшМУда кафедра башчысы, окуу методикалык борборунун директору болуп иштеген. 40тан ашык ил. эмгеги бар. Орг. эмес химия б-ча адис.

Эмг.: Электронное строения и калебательные спектры комплексных соединений цинка, ртути и никеля с семитиосемикарбазидом (в соавторстве). Ош, 2003.

КАМАН, д о н у з (Sus) – чочколор тукумунун уруусу. Анын 3 түрү (каман, сакалчан чочко, кидик чочко) белгилүү. К-дын (жапайы чочко) уз. 2 *м*ге, салмагы 300 *кг*га жетет. Астыңкы ж-а үстүңкү кылкайма тиштери чоң (айрыкча эркегиниики), ууртунан чыгып, жогору кайрылып турат. Денеси кылчык жүндүү, кышкысын кылчык жүнүнүн түбү жумшак жүн м-н капталат. Чоң К. күрөң түстө, торопою агыш, узата ак темгилдүү. Түн. Африка, Европа, Азия, Балтика бою, Беларуссия, Украина, Борб. Азия ж. б. жерлерде, көбүнчө токойлордо кездешет. Кырг-нда Сары-Челек, Арстанбапта көп жолугат. Өсүмдүк тамыры, жапайы алма, донуз жаң-



гак, чөп ж. б. м-н азыктанат. Негизинен топтошуп, эркеги куут мезгилине чейин жалгыз жашайт. Кууту ноябрь – январда жүрөт, мартмай айында ургаачысы 4–6 торопой тууйт. Эти тамак-ашка, териси булгаары жасоо үчүн колдонулат. К-дан үй чочкосу келип чыккан. Кидик чочко ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

КАМАН МӨҢГҮСҮ – Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталындагы татаал өрөөн тибиндеги мөңгү, Кызыл-Суунун алабында. Уз. 12 *км*, аянты 27 *км*². Мөңгүнүн башы деңиз деңг. 6700 *м*, этеги 3700 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4300 *м*. Абляциясынын аянты 7,7 *км*². Мөңгүдөн Кызыл-Суунун сол куймасы Каман-Суу башталат.

КАМАР АД-ДИН (т. ж. б. – 1390, Кул-и Качур, Моголстан) – *Моголстан* эмири (1368–90). Дуулат уруусунан. *Мухаммед Хайдардын* эмгегинде түпкү теги эмир Байдагандан тараганы айтылат. Кийинки аталары Ордоби (Уртуби) болуп, *Чагатай* ага Кашкарды энчилегендиктен, алардын тукуму Кашкарды бийлеп келген. Туглук Тимурду Моголстанга хан (1347–62) көтөргөн К. а.-Д-дин агасы Пулатчи (Буладжи) эмир болгон. Пулатчи өлгөндө Туглук Тимур анын баласы, 7 жашар Худайдадга улусбеги наамын берген. К. а.-Д. ага таарынып калып, Туглук Тимур өлгөндөн кийин такка анын уулу Иляс (Илйас) кожону отургузган. Бирок 1363-ж. козголоң чыгарып, бир күндүн ичинде Иляс кожо м-н кошо такка ээ болууга укугу бар ондон ашык мураскорду өлтүргөн. Натыйжада Иле, Чүй сууларынын аралыгы ж-а Ысык-Көл айланасы анын кол алдында калган. *Темир* («Аксак Темир») бир нече жолу (1375–78, 1383) К. а.-Д-ге каршы жүрүш жасап, бирок ээлигин карата алган эмес. 1380-ж. К. а.-Д. Тимурга каршы туруу ж-а көз карандысыз улус түзүү максатында *Алтын ордонун* ханы *Токтомуш* м-н союз (аларга Инга төрө ж-а Хызр кожо да кошулган) түзгөн, бирок максаты ишке ашкан эмес.

Ад.: *Бартольд В. В.* Дуглат. Соч. Т. 5. М., 1968; *Пищулина К. А.* Юго-Восточный Казахстан в середине XIV – начале XVI в. А-А., 1977; *Караев О.* Чагатайский улус. Государство Хайду. Могулистан. Б., 1995; *Мухаммед Хайдар Дулати.* Тарих-и Рашиди. А., 1999; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 1, Б., 2000.

Т. Асанов.

КАМАРЛИ Ариф Пашаевич (5. 1. 1929-ж. т., Азербайжан, Гянжа ш.) – ветеринария илимд. доктору (1970), проф. (1986). Азербайжан а. ч. ин-тун (1951), Москвадагы Мамл. вет. дерматология ин-тунда аспирантураны (1955) бүтүргөн. 1956-жылдан Кырг-н мал чарба ж-а ветеринария ин-тунда лабор. башчысы. 1976–82-ж. ошол эле ин-тта директордун ил. иштер б-ча орун басары. 1982-жылдан К. И. Скрябин атн. КАЧИде кафедра башчысы, 1984–88-ж. ветеринария ф-тинин деканы, 1993-жылдан кафедрада проф. КРдин а. ч-нын отличниги. Вет. паразитология б-ча адис. 110дон ашык ил. эмгектин, а. и. 5 монографиянын автору.

Эмг.: Подкожный овод крупного рогатого скота и коз. Ф., 1965; Подкожные оводы крупного рогатого скота и меры борьбы с ними. Ф., 1988.

КАМАРЛИ Закир Паша оглы [1942-ж. т., Азербайжан, Кировабад (азыр Гянжа) ш.] – онколог, медицина илимд. доктору (19[illegible]), проф. (1995). КММИни бүтүргөн (1967). КРдин илимге эмг. сиң. ишмери (2003). Кырг-н онкология ж-а радиология ИИИде (учурда Улуттук онкология борбору) врач болуп иштеген (1967–[illegible]), ошол эле ин-ттун аспиранты (1971–74), окумуштуу катчысы (1974–78), ин-ттун директорунун орун басары (1975–85), директору (1986–97), 1997-жылдан КРСУда кафедра башчысы, бир эле мезгилде мед. борбордун жетекчиси. Жалпы ж-а балдар онкологиясы б-ча адис. 90дон ашык ил. эмгеги, а. и. 1 монографиясы бар.

Эмг.: Поликлиническая онкология детского возраста (в соавторстве). Б., 1991; Эпидемиология злокачественных опухолей у детей в Кыргызстане. Б., 2001.

КАМАШЕВ Билаш (25. 3. 1927, Чүй р-ну, Чым-Коргон кыш. – 9. 5. 1990, Бишкек) – геолог, Кыргыз ССР мамл. сыйл. лауреаты (1980). Москва геол. чалгындоо ин-тун бүткөн (1951). «№ 14 Почтовый ящик» объектисинде геолог, улук инженер, башкы геолог (1951–60), Кыргыз геол. башкармалыгында геол. текшерүү бөлүмүнүн начальниги (1960–69), Түн. Кырг-н геол. экспедициясында чалгындоо иштери б-ча улук геолог (1969–73), Кыргыз ССР геол. башкармалыгында, Кыргыз геол. өндүрүштүк бирикмесинде бөлүмдүн начальниги (1973–87). Кырг-ндагы сейрек кездешүүчү металлдардын кендерин, металл эмес кен байлыктарды издөө, геол. чалгындоо иштерин уюштуруу, геол. жактан контролдоо б-ча эмгектенген. «Ардак белгиси» ордени м-н сыйланган.

КА́МБАЛА СЫМАЛДАР (Pleuronectiformes) – сөөктүү балыктар түркүмү, чоңунун денеси жалпак, капталынан кысылган, уз. 6 *см*ден 4,7 *м*ге чейин, салмагы бир нече *г*дан 330 *кг*га чейин жетет, бакалоор жаргакчаларынын 6–7 жылчыкчалары бар. Сүзгүч тарсылдагы жок. Сүзгүчтөрүндө, адатта, тикендери болбойт. Эки көзү тең денесинин бир жагында. Баш сөөгү, жуп сүзгүчү, оозу, нервдери, ички органдары ассимметриялуу. 7 тукуму, 115 уруусу, 500 түрү Арктикадан Субантарктидага чейинки бардык океанда таралган. КМШ өлкөлөрүндө – Ы. Чыгышта 25 түрү, Ак ж-а Баренц деңиздеринде 9, Кара деңизде 6, Балтика деңизинде 4, Арктикада 1 түрү кездешет. Көбүнчө тайыз сууда жашайт, кээ бири дарыяга кирет. Суу түбүндө жашоочу балыктар, денесинин пигментсиз жагы



Камбалалар: 1 – кадимки палтус; 2 – деңиз камбаласы; 3 – сары канат камбала; 4 – жылдыз сымал камбала; 5 – үрпүлүү самарис; 6 – азов камбаласы.

суунун түбүн кар[illegible] К. деңиз түбүндөгү омурткасыздар, айры[illegible]ы балыктар м-н азыктанат. Ири түрлөрү – [illegible]ткычтар.

«КАМБАРКА[illegible]ТНОГРАФИЯЛЫК-ФОЛЬКЛОРДУК АНСА[illegible]БЛИ Ч. Исабаев атн. – муз. коллектив. 1987-ж. Кыргыз мамл. филармониясынын алдында уюшулган. Ансамбль КРдин Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты (2002). 1997-ж. Ч. *Исабаевдин* ысмы берилген. Ансамбль комуз, кыл кыяк, сурнай, керней,



жылаажын, сыбызгы, темир ж-а жыгач ооз комуз, аса таяк, зуулдак, дирилдек, добулбас, чоор, чопо чоор, доол ж. б. элдик муз. аспаптардан турат. Аларды КРдин иск-восуна эмг. сиң. ишмер, уста О. Кенчинбаев жасаган. Ансамблдин негизги репертуарын комузчулар М. Күрөнкөев, К. Орозов, Ы. Тумановдун, обончулар Б. Эгинчиев, Ж. Шералиев, М. Баетов, А. Огомбаев, К. Тагаев, Р. Абдыкадыров ж. б-дын чыгармалары түзөт. Ансамблдин коштоосунда С. *Садыкова*, Н. Абдрахманов, Б. Шатенов, Д. Кангелдиева ж. б. ырчылар концерт тартуулап турушат. 1993-жылдан ансамблдин көркөм жетекчиси Э. Жумабаев, дирижёру КРдин иск-восуна эмг. сиң. ишмер Р. Жумакунов. Ансамблге 2000-ж. Германияда өткөн Бүткүл дүйнөлүк ЭКСПО – 2000дин алтын медалы ыйгарылган. КМШ өлкөлөрүндө, Түркия, Япония, Франция, Кытай, Германия ж. б. гастролдо болгон.

КА́МБИЙ – өсүмдүк сабагы м-н тамырын түзүүчү ткандын (меристеманын) бир түрү. Ал сабактын ж-а тамырдын кабыгы м-н жыгачынын аралыгында же өткөргүч боочолордун флоэмасы м-н ксилемасынын ортосунда жайгашкан. К. клеткаларынын бөлүнүп көбөйүшүнөн орган жооноёт (туурасынан өсөт). Ал ич жакка 2-ксилеманын, сырт жакка 2-флоэманын клеткаларын пайда кылып турат. Мелүүн алкакта К. кеч күздөн жазга чейин тыным абалында болот.

КАМБО́ЖА, Камбожа Королдугу – Түш.-Чыгыш Азиядагы мамлекет, Индикытай ж. а-нын түштүгүндө жайгашкан. Батышынан ж-а түн.-батышынан Таиланд, түндүгүнөн Лаос, чыгышынан ж-а түш.-чыгышынан Вьетнам м-н чектешет, түштүгүн ж-а түш.-батышын Түш. Кытай деңизинин Сиам булуңу чулгайт. Аянты 181,0 миң *км*², анын 4,5 миң *км*²ин ички суулар ээлейт. Калкы 14,1 млн (2008). Борбору – Пномпень. Акча бирдиги – риель. Расмий





тили – кхмер тили. Адм.-айм. жактан 20 провинцияга (кхает) ж-а борборго баш ийген 4 муниципияга (кронг) бөлүнөт (к. таблицаны).

К. – БУУга (1955), ЭВФке (1970), Эл аралык

Администрациялык-аймактык бөлүнүшү (2008)

Администрациялык бирдиктери	Аянты, миң $км^2$	Калкы, миң киши	Администрациялык борбору
Провинциялары			
Бантеймеантьей	6679	823,2	Сисопхон
Баттамбанг	11702	1023,8	Баттамбанг
Кампонгспы	7017	747,4	Кампонгспы
Кампонгтхом	13814	691,8	Кампонгтхом
Кампонгтям	9799	1859,5	Кампонгтям
Кампонгчнанг	5521	528,2	Кампонгчнанг
Кампот	4873	600,7	Кампот
Кандаль	3568	1244,3	Такмау
Кахконг	11160	213,2	Донгтонг
Кратьэх	11094	346,6	Кратьэх
Мондолькири	14288	44,7	Сенмонором
Оддармеантьей	6158	107,1	Самроунг
Поусат	12692	436,2	Поусат
Прейвэнг	4883	1027,4	Прейвэнг
Прэахвихеа	13788	158,7	Пномтбенгмеантьей
Ратанакири	10782	126,8	Банлунг
Свайриенг	2966	535,0	Свайриенг
Сиемреап	10299	883,6	Сиемреап
Стынгтраенг	11092	108,8	Стынгтраенг
Такео	3563	897,8	Такео
Муниципиялары			
Каеп	336	40,0	Каеп
Пайлин	803	35,7	Пайлин
Пномпень	290	1398,4	Пномпень
Сиануквиль	868	224,2	Сиануквиль

реконструкция ж-а өнүгүү банкына (1970), Түш.-Чыгыш Азия өлкөлөрүнүн ассоциациясына (АСЕАН; 1999), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна (2004), «Европа – Азия» форумуна (АСЕМ; 2004) мүчө.

Мамлекеттик түзүлүшү. К.– унитардык мамлекет. Башкаруу формасы – монархиялык конституция. 1993-ж. 21-сентябрда Конституциясы кабыл алынган. Мамлекет башчысы – король, Корона Кеңешинде (Улуттук ассамблеянын төрагасы, төраганын эки орун басары, премьер-министр, жогорку дин кызматчылары) шайланат. Король жогорку кызмат адамдарын дайындоого макулдук берет ж-а куралдуу күчтөрдүн башкы командачысы болуп саналат. Мыйзам чыгаруу бийлигинин жогорку органы – эки палаталуу; (Улуттук ассамблея ж-а Сенат) парламент. Улуттук ассамблея 122 мүчөдөн турат, 5 жылга шайланат. Сенаторлордун саны Улуттук ассамблея мүчөлөрүнүн санынан аз (сенаттын 2 мүчөсүн король дайындайт, экөөнү Улуттук ассамблея, калганын эл 6 жылдык мөөнөткө шайлайт). Сенаттын төрагасы король жок мезгилде мамлекет башчысынын милдетин аткарат. Аткаруу бийлигинин жогорку органы – премьер-министр жетектеген министрлер кабинети. Кабинеттин курамы Улуттук ассамблеянын макулдугу м-н король тарабынан бекитилет. К-да көп партиялуу система орун алган. Негизги партиялары – Камбожа элдик партиясы (КЭП), ФУНСИНПЕК, Сам Рэнси.

Табияты. Сиам (Таиланд) булуңунун жээктери эрозиялык-тектон. жактан өтө тилмеленген (риас тибине кирет); ички Кампонгсаом булуңунун жээктери мангр токойлуу. К-нын аймагынын $^3/_4$ бөлүгүнөн ашыгын көл-аллювий жыртыштуу Камбожа түздүгү ээлейт. Түш.-батышында Кравань (бийикт. 1813 *м*ге чейин Ораль чокусу – К-нын эң бийик жери) ж-а Кирэй (1079 *м*, Боккоу чокусу) тоолору жайгашкан.



Камбожа түздүгү.

Чыгышында К-нын аймагына Чыонгшон тоолорунун батыш тармактары (1547 *м*) ж-а Борб. плато (1108 *м*) кирип турат. К-нын аймагын кембрийге чейинки Инди-Синай массивинин чет-жакасы ж-а аны батыштан ж-а түштүктөн курчаган Юннань-Малайя бүктөлүү системасы (киммерий) ээлейт. Кен байлыктары: нефть ж-а күйүүчү табигый газ, таш көмүр, темир кенташтары, боксит, алтын, марганец ж-а жез кенташтары, асыл таштар (рубин, сапфир, циркон, аметист) ж. б. К-га субэкватордук муссондуу климат мүнөздүү; жайы нымдуу, кышы салыштырмалуу кургак. Эң ысык айынын (апрель) орт. темп-расы 30°С, эң серүүн айыныкы (декабрь) 26°С. Жаан-чачындын жылдык өлчөмү түздүктөрдө 700–1500 *мм*, тоолордун муссонго караган түш.-батыш айдарым капталдарында 2000–3000 *мм*. Нымдуу сезону – майдан ноябрга чейин. К. суу ресурстарына бай (476 $км^3$/жыл); дарыялары жыш. Өлкөнү түндүктөн түштүктү карай Азиядагы ири дарыялардын бири – *Меконг* кесип өтөт; К-нын аймагында башынан аягына чейин кеме каттайт. Борб. бөлүгүндө Индикытай ж. а-ндагы эң ири көл – *Тонлесап*

Меконг дарыясы.



жайгашкан. Ал суу салаасы аркылуу Меконг м-н туташат. Көлдүн тегерегиндеги зор аймак, Меконг м-н Бассак д-нын аралыгы саздак. Токой ж-а сейрек токой өлкөнүн аймагынын 52%ин ээлейт. Түздүктөрдө жерг. өсүмдүктөрдүн курамында жалбырагын күбүүчү муссондук токой (диптерекарп, чанактуулар ж. б.), кургакчыл батышында саванна токою, ксерофилдик сейрек токой (кызыл-коңур топурактагы пальмира, гуава, жапайы бал камыш, жапыз бамбук) таралган. Тоолордун муссонду караган түш.-батыш капталдарын кызыл-сары ферралит топурактуу түргө бай дайыма жашыл тропик токою ээлейт. Сиам булуңунун жээги мангр токойлуу. 1990–2000-ж. токойдун 6%и жок болгон. Камбожа түздүгүнүн күрдүү аллювий топурактуу басымдуу бөлүгүнүн табигый өсүмдүктөрү шалы палдары, жапыз өскөн дарак, бадалдар, кант пальмасы ж. б. м-н алмашкан. Жаныбарлар дүйнөсү өтө ар түрдүү: сүт эмүүчүлөрдүн 123 түрү (анын 24 түрү жоголуу алдында турат), сойлоктордун 114 түрү (10у жоголуу коркунучунда) мекендейт; куштардын 183 түрү (19у жоголуу алдында) уялайт. Купрей, бантенг, гаур, таиланд бугусу, индия пили, жолборс, кабылан, гиббон ж. б. мекендейт; Меконг ж-а анын куймаларында крокодил бар.

К-дагы коргоого алынган 29 аймак өлкөнүн 23,7% аянтын ээлейт; алар: улуттук парктар (Пном-Бокор, Реам ж. б.), табият резерваттары (Пном-Ораль, Бэнг-Пер, Бном-Самкос, Кулен-Промтеп ж. б.), коргоого алынган ландшафттар (Ангкор ж. б.), коргоого алынган токойлордун ири массивдери. Тонлесап көлүнүн тегерегидеги жерлер ЮНЕСКОнун биосфералык резерваттарына киргизилген.

Калкы. Австралия-азия тилдеринде сүйлөгөндөр К-нын калкынын 92,3%ин түзөт; анын 87,1%и кхмерлер, 0,8%и тоолук кхмерлер, 4,3%и вьеттер, 2,5%и австронезиялыктар, 0,9%и тайлар. О. эле кытай (4,1%), мьянма, тамил, англис, француз ж. б. улуттар да жашайт. Калктын табигый өсүүсүнүн жылдык орт. темпи акырындап төмөндөөдө (20-к-дын аягында 2,0–2,1%; 2007-ж. 1,7%). Төрөлүү 1000 тургунга 25,5 бала, өлүм-житим 1000 тургунга 8,2 адам туура келет. Сырткы миграциянын салдосу нөлгө жакын. 15 жашка чейинки балдар калктын 34%ин, эмгекке жарамдуу курактагылар (15–64 жаш) 62,4%ин, 65тен улуулар 3,6%ин түзөт. Орто эсеп м-н 1000 аялга 95,3 эркек туура келет. Адам өмүрүнүн күтүлгөн орт. узактыгы 61,3 жыл (эркектердики 59,3, аялдардыкы 63,4 жыл). Калкынын орт. жыштыгы: 1 $км^2$ жерге 80дей адам туура келет. Ири шаарлары: Пномпень (1398,4 миң), Баттанбанг (176, миң), Сиануквиль (142,9 миң), Сиемреап (128,6 миң; 2008). Мамл. дини – *буддизм*; буддисттер өлкөнүн калкынын 95%ин, мусулмандар 2%ин түзөт.

Пномпень шаары.



Тарыхы. Млу-Прей, Лонгирао ж-а Самроунг-Севдеги археол. казмалардын табылгалары К-да палеолит (б. з. ч. 14-миң жылдык) доорунан адам жашаганын далилдейт. Соңку неолитте (б. з. ч. 6–5-миң жылдык) дарыя бойлорунда кыштактар пайда болгон. Калкы дыйканчылык, балык уулоочулук ж-а аңчылык м-н кесиптенишкен. Кол өнөрчүлүк өнүккөн. Б. з. 1-к-нда К. аймагында алгачкы кул ээлөөчүлүк мамлекет – Бапном (Фунань) түзүлгөн. Мамлекет Меконг д-нын төмөнкү агымында жайгашып, борбору Вьядхапур ш. болгон. 2–3-к-да Бапном ийгиликтүү согуштардын натыйжасында өлкө аймактарын кеңейткен. Индия, Кытай, Иран ж-а Рим империясы м-н соода жүргүзгөн. Бапномдун калкы негизинен бутпарастык ишенимдер м-н жашашкан. 6-к-да Бапном начарлай баштап, мурда ага көз каранды болгон Ченла мамлекети күч алган. Анын борбору Меконг ж-а Мун д-нын ортонку агымында жайгашкан. 6-к-дын ортосунда Ченланын башкаруучусу Бхававарман I (болжол м-н 550–600) Бапном м-н Ченланы бириктирип, кхмерлер мамлекетин түзгөн. Ишановарман Інин тушунда (болжол м-н 612–628) жаңы борбор – Ишанапур салынган. Негизинен дыйканчылык м-н кесиптенишкен. Тынымсыз согуштар ж-а ич ара талаш-тартыштар анын кулашына алып келген. Ченла мамлекети 8-к-дын башында өз алдынча эки мамлекетке (Жер Ченла ж-а Суу Ченла) бөлүнүп, Индикитай ж. а-нын түш. бөлүгүн ээлеген. 9-к-да Суу Ченланын мурдагы аймагында Камбужадеша кхмер империясы (борбору Ангкордо) пайда болгон. Бул империя Сурьяварман I, Сурьяварман II ж-а Жайаварман VII бийлеген мезгилде жогору өнүгүп, Түш. Чыгыш Азиядагы ири мамлекет болгон. Басып алуучулук жортуулдары ийгиликтүү аяктап, өлкөнүн аймагы кеңейип, Ангкор-Ват, Ангкор-Тхом, Байон сыяктуу дүйнөлүк арх-ранын шедеври болгон ири курулуштар салынган. 13-к-дын ортосунда империя начарлап, 1336-ж. Чае башында турган будда династиясынын бийликке келиши м-н Камбужадеша жоюлган. Будда монархы король наамына ээ болуп, кхмерлердин салттуу мад-тын өркүндөткөн. 14-к-дын 2-жарымында – 15-к-дын башында К. аймагына тьямдар ж-а сиамдык-

тар кол салып турушкан. 14-к-да Аютия (Сиам) тай мамлекети негизделгенден кийин тынымсыз коркунуч туудуруп, акыры К-нын борборун басып алган. Король Понья Ят (1405–67) гана тайларды кууп чыккан. 1434-ж. кхмерлер мамлекетинин борбору Ангкордон Пномпенге көчүрүлгөн. 16–18-к-да К. коншу мамлекеттер – Сиам ж-а Дайвьет м-н согушуп турган, натыйжада К-нын экон. ж-а саясий абалы төмөндөгөн. Мамлекеттин борбору Удонгго көчүрүлгөн. 17-к-да К-га европалыктар келе баштаган. 1640-ж. нидерланддык фактория пайда болуп, үзгүлтүк м-н 1652-ж. чейин өкүм сүргөн. Кхмер феодалдарынын өз ара чыр-чатактарынын натыйжасында, өлкө Сиам ж-а Дайвьеттерге көз каранды болуп калган. Борборун ж-а батыш райондорун король Чей Четта IV, чыгышын Анг Нон башкарган. 1807-ж. Анг Тян Инин башкаруу мезгилинде К. Сиам (Таиланд) м-н Вьетнамдын (1804-жылга чейин Дайвьеттин) кош сюзеренитетине дуушар болгон. 1830-жылдары Вьетнам К-га күчтүү таасирин тийгизген. К. провинцияларга бөлүнүп, аларга вьетнамча аталыштар коюлган. Борб. ж-а Чыгыш К-да вьетнам аскерлери жайгашып, Сайгонго жол курулган. Королева Анг Мей башкарган учурда (1834–41) К-да вьетнам тили расмий тил болуп калган. Бирок 1845-ж. Сиамдын жардамы м-н К-да аскердик төңкөрүш болуп, король Анг Дуонг (1841–60) бийликке келген. Кхмер ар[illegible]ясы сиамдыктар м-н бирдикте К-нын борб. [illegible]йондорунан вьетнамдарды сүрүп чыккан ж-[illegible]айрадан К-га болгон кош сюзеренитет кал[illegible]ына келтирилген. Анг Дуонг мамлекетти ч[illegible]доо үчүн соц.-экон. реформа жүргүзүп, тышк[illegible]аясатта Франция м-н мамиле түзүүгө арак[illegible]енген.

1863-ж. жаңы король Нородом (1860–[illegible]04) протекторат ж-дө Франция м-н келишим т[illegible]үп, К-га фр. консул дайындалган. 1865-ж. борбор кайрадан Пномпенге көчүрүлгөн. 1867-ж. К-ны бөлүштүрүү ж-дө Франция м-н Сиам расмий

КАМБОЖА



түрдө келишим түзүп, Сиам француз протекторатын таанып, Баттамбанг м-н Ангкор провинцияларына ээлик кылган. Өлкө Францияга көз каранды болуп калганына байланыштуу К-да көтөрүлүштөр (1864–65-, 1865–67-, 1876–77-, 1886–91-ж.) чыккан. 1877-ж. Франция Нородомдун королдук бийлигин чектеген. 1884-жылдагы Франция-Камбожа келишими К-ны Франциянын колониясына айландырган. 1887-ж. Аннам, Тонкин ж-а Кохинхин м-н бирге К. Француз[illegible] Индикытайдын курамына кирген. 1887-жыл[illegible] кхмер королу мамл. башкаруу [illegible]куу укугунан ажырап, өлкөнү [illegible] жетектеген Министрлер Кеңеш[illegible]. Сайгон ш. экон. борборго ай[illegible]–07-ж. Сиам К-нын батыш ж-а түн. [illegible]ларын (Баттамбанг ж-а Ангкор) [illegible]арып берген. 1914–45-ж. француздар К-да транспорт м-н плантациялык чарбаларды өнүктүргөн.

1920-ж. [illegible]уттук-боштондук кыймыл баш[illegible]ага аз сандагы жарандык ин[illegible]буддизм дин өкүлдөрү катышкан. 19[illegible]икитай Компартиясы түзүлүп, анын кур[illegible] камбожалыктар да кирген. Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында К-нын батыш ж-а түн. провинцияларын басып алуу максатында Таиланд бийлиги согуш аракеттерин баштаган (1940-ж., ноябрь айында). 1941-ж. «Виши» француз өкмөтү Индикытай аймагына аскер күчтөрүн киргизүүгө Японияга укук берген. 1941-ж. майдагы келишим б-ча Түн. К-ны Таиланд өзүнө каратып алган. Францияга көз каранды болууну каалабаган кхмер улутчулдары Япония тарапка оогон. 1945-ж. япон аскерлери фр. администрацияны таркатып, К-нын көз карандысыздыгы жарыяланган. Бирок экинчи дүйнөлүк согушта Япония жеңилгенден кийин Пномпенге француздар кайра келип, Сон Нгок Тханемдин япондук багыттагы өкмөтүн жоюшкан. 1946-ж. январда Франция өкмөтү ж-а К. келишим түзүшүп, К. Француз Союзунун чегинде автономияга ээ болгон. Ошол эле жылы Демокр. ж-а Либералдык саясий партиялар түзүлгөн. 1947-жылдагы Конституция б-ча К. конституциялык монархия деп жарыяланган. 1940-жылдардын аягында К-да француз бийлигине каршы куралдуу улуттук-боштондук күрөш башталган. Куралдуу күрөш ж-а король Народом Сиануктун дипл. аракеттери м-н 1953-ж. К. формалдуу түрдө көз карансыздыгын алган.

1955-ж. мартта Нородом Сианук королдук ордун атасы – Нородом Сурамаритиге берип, өзү премьер-министрдин ордун ээлеген. Нородом Сианук өлкөдөгү саясий партияларды бириктирип, Элдик-соц. коом (Сангкум) деген саясий уюм уюштурган. Ал коом мамл. деңгээлдеги уюмга айланып, өз ишин 1970-ж-га чейин жүргүзгөн. Нородом Сурамарити К-нын көз карандысыздыгын ж-а эркин өнүгүшүн камсыз кылуучу саясат жүргүзүп, тышкы саясатында бейтарап жолду тута турганын мыйзам жүзүндө ырастаган. 1955-жылдан К. БУУнун мүчөсү. 1956-ж. К. м-н СССРдин ортосунда дипл. мамиле түзүлгөн. 1960-ж. Народом Сурамарити өлгөндөн кийин Народом Сианук мамлекет башчысы болуп калган. Народом Сиануктун жүргүзгөн жеке бийлигинин убагында мамлекеттин экономикасы төмөндөп, элдин абалы оордоп, бийликке болгон нааразылык күчөгөн. 1970-ж. К-да мамл. төңкөрүш болуп, генерал Лон Нолдун аскердик режими орногон. Монархия жоюлуп, Кхмер Респ. жарыяланган. 1970-ж. апрелде АКШ Түш. К-га куралдуу интервенция жасаган. 1970-ж. май айында Нородом Сиануктун колдоочулары тарабынан Пекинде Камбожа улуттук биримдик фронту (КУБФ), о. эле Улуттук биримдиктин өкмөтү түзүлүп, анын жетекчилиги амер. агрессорлорго ж-а Лон Нолдун режимине каршы күрөш жүргүзгөн. К-да башталган жарандык согуш Камбожа улуттук биримдик фронттун жеңиши м-н аяктаган. 1975-ж. К-да бийликке «кызыл кхмерлер» келип, мамлекет Демокр. Кампучия деп аталган. Пол Пот К-нын премьер-министри, Кхиеу Сам фан Мамл. президиумдун президенти болуп дайындалган. К-да баары мамлекеттештирилип, саясат репрессия аркылуу жүргүзүлгөн. Натыйжада 1,5 млн камбожалык репрессиянын курманы болгон. Тышкы саясатта башка мамлекеттер м-н алакага тыюу салынып, айрым гана мамлекеттер (КЭР, КЭДР) м-н дипл. мамилелер сакталган. 1970-жылдардын 2-жарымынан ачык эле Вьетнамга каршы саясат жүргүзүлүп, чек арадан чыр-чатактар м-н коштолгон. 1978-ж. Вьетнамдын колдоосу м-н «кызыл кхмерлерге» каршы бирдиктүү Кампучия улутту куткаруу фронту түзүлүп, 1979-ж. январда вьетнам аскер күчтөрүнүн колдоосу м-н Пол Поттун режими кулатылып, Кампучия Эл Респ. жарыяланган. Бийлик Хенг Самрин жетектеген Кампучия элдик рев-ялык кеңешине өткөн. 1981-ж. жаңы Конституция күчүнө кирген. Кампучия коммунисттик партиясы (ККП) Кампучия элдик респ. партия (КЭРП) болуп өзгөрүлгөн. Өлкөнүн калкы тынч жашоого өтүп, экон. ж-а гуманитардык чөйрөлөр калыптана баштаган. Мамлекет соц. өлкөлөр м-н тыгыз кызматташып, экон. колдоолорго ээ болгон. 1989-ж. Кампучия Эл Респ. Камбожа мамлекети деп аталган. 1991-ж. КЭРП партиясы Камбожа Элдик партиясы (КЭП) деп аталып, партиянын уставына өзгөртүүлөр киргизилген. Буддизм мамл. дин катары жарыяланган.

1989–93-ж. БУУ өлкөдөгү ич ара согуштук кагылышууларды токтотууга аракеттерди жасап, 1993-ж. К-да шайлоо өткөрүлгөн. Ошол эле

жылы жаңы Конституция жазылып, Нородом Сианук башкарган Камбожа Королдугу түзүлгөн. Өлкөдө конституциялык монархия ж-а көп партиялуу система орногон. 1993–97-ж. өткөрүлгөн шайлоолордун негизинде укуктары бирдей болгон эки премьер-министр (Нородом Ранарит, Хун Сен) жетектеген коалициялык өкмөт түзүлгөн. 1998- ж-а 2003-жылдардагы шайлоолордо Камбожа элдик партиясы жеңишке жетип, парламенттеги көпчүлүк орунду ээлеген. 1999-ж. К. АСЕАНдын курамына кирген. 2004-ж. Нородом Сианук тактыны уулу Нородом Сиамониге тапшырган. Учурда өлкөдө экон. реформалар ийгиликтүү жүргүзүлүп, жогорку темпте өнүгүүдө. К-нын негизги стратегиялык өнөгү – Кытай. К-нын негизги экон. донору – Япония. Вьетнам м-н тыгыз ж-а ишенимдүү алакалашып, коргоо ж-а коопсуздук маселелерин талкуулап турат. Франция К-да туруктуу салттуу өнүттү ээлейт. ЕС К-га жакырчылык м-н күрөшүүгө, билим берүүнүн, саламаттык сактоонун өнүгүшүнө колдоо көрсөтөт. Эл аралык терроризм м-н күрөшүү ж. б. тармактарда АКШ, Россия ж. б. мамлекеттер м-н тыгыз байланышта.

Чарбасы. К. дүйнөдөгү кедей өлкөлөрдүн катарына кирет. ИДПнин көлөмү 38,9 млрд доллар (2006), аны киши башына бөлүштүргөндө 2800 доллардан туура келет. Адамзат өнүгүүсүнүн индекси 0,598 (2005; дүйнөдөгү 177 өлкөнүн ичинен 131-орун). К-нын экономикасы 1990-жылдан баштап туруктуу өнүгө баштады. Өнүгүүсүнүн негизги факторлору: арзан жумушчу күчүнүн көптүгү, о. эле сырткы экон. жардамдын арбындыгы (мамл. бюджеттин таңкыстыгын жабат). Мамл. бюджеттин кирешеси 836,2 млн доллар, чыгашасы 978,7 млн доллар. Мамл. экон. саясат чарбанын жеке менчик секторунун өнүгүүсүнө ж-а өлкөгө чет элдик инвестициянын келишине ыңгайлуу шарт түзүүгө багытталган. Инвестиция негизинен кийим тигүү ө. ж-н, мейманкана ж-а ресторан бизнесин, байланыш системасын өнүктүрүүгө түздөн-түз жумшалат. Инвестиция Малайзия, Тайвань, АКШ, Кытай, Түш. Корея, Сянган, Сингапур, Таиланд ж. б-дан түшүп, анын басымдуу бөлүгү Пномпень борб. муниципиясында топтолот. Өлкөнүн экон. өнүгүүсүндөгү башкы проблемалар – калктын басымдуу бөлүгүнүн (өзгөчө борбордон алыс жайгашкан айыл калкынын) жакырлыгы, шаарларда криминалдык кырдаалдын татаалдыгы, баңгизат (К. аркылуу «Алтын үч бурчтук» деп аталган өлкөлөрдөн Сиам булуңунун портторуна наркотрафик өтөт) ж-а товар контрабандасы (өлкөдөн күрүч мыйзамсыз чыгарылып, Вьетнам ж-а Таиланддан керектөө товарлары мыйзамсыз алып келинет). БУУнун көмөгү м-н мина коркунучу (К-да жердеги минанын ж-а жарылбай калган снаряддын саны 4–6 млн бирдикке жетет) ж-а жашыруун миграция проблемасы акырындап жоюлууда.

Тейлөө чөйрөсүнүн ИДПдеги үлүшү 38,6%, айыл, токой ж-а балык чарбаларыныкы 35,1%, ө. ж-ныкы 26,2% (2006). Электр-энергетикасынын негизин импорттук отун м-н иштеген дизель электр станциялары түзөт (жалпы кубаттуулугу 13 миң *МВт*). 2004-ж. 121,8 млн *кВт·с* электр энергиясы өндүрүлгөн; импорттук электр-энергия (Вьетнамдан алат) 2002–06-ж. 85 млн *кВт·с*ты түзгөн. Электр энергиясынын тартыштыгына ж-а энергия булактарына болгон дүйнөлүк баанын өсүшүнө байланыштуу келечекте гидроэнергетиканы өнүктүрүү каралууда. Өлкөнүн энергетикасынын ж-а жалпы эле экономикасынын өнүгүү келечеги Сиам булуңунун тоңиздик шельфиндеги нефть ж-а газ кендерине байланыштырылат. Ө. ж. продукциясынын 90%тейи кийим тигүү ө. ж-на таандык (2006). 247 кийим тигүү ф-касы иштейт (негизинен Пномпень ш-нда ж-а тегерегинде). Продукциясынын дээрлик бардыгы АКШга ж-а Европа союзуна кирген өлкөлөргө экспорттолот. Өлкөнүн экспортунун наркынын 60%тейи (2 млрд доллардан ашыгы; 2005) тигилүү кийимге туура келет. О. эле тамак-аш (а. и. күрүч актоо), тамеки (сигарета) чыгаруучу, каучукту, жыгачты ж. б. сырьёну алгачкы иштетүүчү ө. ж. ишканалары, цемент з-ду иштейт.

Өлкөнүн аймагынын 21,4% аянты иштетилип, анын 20,4%и айдалат, 0,6%и көп жылдык өсүмдүктөр плантациясы. Сугат жери 2,7 миң *км*². Агр. закон жер ээлиги б-ча төмөнкү формаларды караган: огород жерлерди жеке менчикке берүү; өлчөмү 5 *га*га чейинки а. ч. жерлерин мураска калтыруу укугу; аянты чоң жер участкаларын ижарага берүү ж-а сатуу укугусуз мурастоо концессиясы. Айдоо аянтынын $^1/_2$инен ашыгына өлкөнүн негизги азык-түлүгү болгон – шалы (күрүч) эгилет. Шалы негизинен Меконг д-нын өрөөнүндө ж-а Баттамбанг провинциясында өстүрүлөт; анын ондогон сорту бар, Меконг өрөөнүнүн айрым жерлеринде «калкыма», бийик жаткан түздүктөрдө кайрак шалы эгилет. Табияты жылына эки жолу түшүм алууга шарт түзөт. 2005-ж. 4,2 млн *т* күрүч жыйналган; башка азык-түлүк өсүмдүктөрүнөн батат, жүгөрү, соя буурчактары, о. эле жашылча, банан, апельсин, жер жаңгак, калемпир өстүрүлөт. Маанилүү экспорттук агр. продукту – накта каучук, каучуктуу өсүмдүк плантациясынын жалпы аянты 50 миң *га*. Башка тех. өсүмдүктөрдөн тамеки, бал камыш, күнжүт, кант, май ж-а кокос пальмалары өстүрүлөт. Жайыт мал чарбачылыгынын өнүгүүсү үчүн да ыңгайлуу шарты бар. Бирдеңүт ж-а эт багытындагы мал чарбасы начар өнүккөн; малы негизинен күч унаа катары пайдаланылат. 2005-ж. 127,5 миң *т* чочко эти, 61,5 миң *т* мал эти, 16,5 миң *т* куш эти 13,6 миң *т* буйвол эти даярдалган. Балык (айрыкча Тонлесап көлүнөн) кармалат.

Шалы тигүү.





Сиануквиль шаарына жакын жайгашкан балыкчылар айылы.

Экономикасынын эң ылдам өнүгүп жаткан сектору – тейлөө чөйрөсү; ал негизинен чет элдик туристтердин келишине байланыштуу (2006-ж. 2 млндон ашык турист келген). Туризмдин 50%тен ашыгы өлкөнүн түндүгүндөгү Ангкор арх-ралык комплексин көргөнү келет. Мейманкана ж-а ресторан, ички (дүң ж-а чекене) соода бизнеси, байланыш ж-а телекоммуникация системасы өнүккөн.

Автомобиль жолунун жалпы уз. 38,3 миң *км*, т. ж-нуку 602 *км* (2006); эки т. ж. линиясы бар: Пномпень – Баттамбаг – Пайопет (Таиланд м-н чек арада); Пномпень – Сиануквиль (Сиам булуңунун жээгинде). Ички суу жолунун (Меконг д. ж-а анын куймалары) уз. 2,4 миң *км* (2005). Негизги дарыя порту – Пномпень, деңиз порту – Сиануквиль. К-нын «арзан» желеги м-н 586 соода кемеси жүрөт. 17 аэропорту бар, эл аралык 2 аэропорту – Пномпень м-н Сиемреапте. Вьетнам, Кытай, Лаос, Малайзия, Сингапур, Таиланд, Түш. Корея, Тайвань м-н авиакаттамы бар (2006).





Камбожа акчасы.

Экспортунда тигилүү буюмдар басымдуу; о. эле накта каучук, күрүч, деңиз азыктарын чыгарат. К-нын товарлары АКШ (53,3%и), Сянган (15,2), Германия (6,6%), Улуу Британияга (4,3%) чыгарылат. Сырттан нефть продуктуларын, конструкциялык материалдарды, машина ж-а жабдууларды, а. и. автомобиль, кеңири керектелүүчү товарларды сатып алат. Азык товарларды негизинен Сянган (18,1%), Кытай (17,5%), Таиланд (13,8%), Тайвань (12,7%), Вьетнам (9,0%), Сингапур (5,3%), Түш. Корея (4,9%), Япониядан (4,3%) алат.

Маданияты. К-да окуу жайларын башкаруу Билим, жаштар ж-а спорт министрлиги тарабынан ишке ашырылат. 1993-ж. милдеттүү ж-а акысыз 9 жылдык билим берүү киргизилген. Билим берүү системасы мектепке чейинки тарбия ж-а 6 жылдык башталгыч, баштапкы орто (3 жылдык курс), жогорку билимге даярдоо максатында кошумча орто (мамл. ж-а менчик коллеж) билим берүүнү камтыйт. 2005-ж. балдардын 10%и мектепке чейинки мекемелерде тарбияланган, 96%и башталгыч, 24%и орто билим алган. Калктын сабаттуулугу 15 жаштан жогору 73,6% (ЮНЕСКОнун маалыматы б-ча, 2005). 12 мамл. ж-а 30 менчик ЖОЖ (жарандык ж-а диний) бар. Ири ЖОЖдор: Будда ун-ти (1954), Пномпень королдук ун-ти (1960), Жогорку тех. ин-ту (1981) ж. б. Ил. мекемелери: Буддизм ин-ту (музей ж-а К-дагы ири китепкана – 40 миңден ашык том ж-а пальма жалбырагына жазылган 16 миңден ашык кол жазма), Ресурстарды өнүктүрүү ин-ту (1990), Адам укуктары ин-ту (1993), Социалдык өнүгүү борбору (1995), Улуттук саламаттык сактоо ин-ту, Улуттук китепкана (1924), Улуттук музейи (1920), геноцид музейи (1979) бар. Бардык мекемелер Пномпенде жайгашкан.

К-да 100дөн ашык гезит ж-а журналдар кхмер [«Расмей Кампучия» (1993); «Монеасека кхмер» (1993); «Чакраваль Дейли» (1993) ж. б.], о. эле англис, француз ж-а кытай тилдеринде чыгат (2007). 1975-жылдан радио уктуруусу, 1966-жылдан телекөрсөтүү иштейт. К-нын Улуттук маалыматтык агенттиги – «Agence Kampuchea Presse».

16-к-га чейин К-нын ад-ты санскрит ж-а пали, кийинчерзэк кхмер тилдеринде өнүккөн. 14–15-к-дагы ад-ттын жалгыз эстелиги – пали тилиндеги «Элүү жатак» жыйнагы. Кхмер тилиндеги алгачкы чыгармалар 16-к-да пайда болгон (Чей Нондун ырлары; Панг, «Ангкор жөнүндө поэма», 1598). 17–19-к-да жатак темасында ыр түрүндөгү чыгармалар жаралган. Жаңы ад-т кечил Саомдун «Тум м-н Тиев» поэмасы (1916) м-н башталат. Ньок Тхаемдин «Пайлин атыр гүлү» романы чыккандан кийин социалдык теңсиздик, аялдар, жаштар темасындагы роман ад-тта негизги орунду ээлеген. 20-к-дын аягы – 21-к-дын башында ар кыл жанрдагы романдар жазылды (Паль Воаннари Реак, Мау Сомнанг). 1955-ж. К. жазуучулар ассоциациясы түзүлгөн.

К. аймагында Ханчей, Асрам-Махаросей (6–8-к.), Баконг (881), Прэах-Ко (879) ж. б. белгилүү храмдар ж-а храм комплекстери сакталып калган. 9–14-к-да Камбужадеша империясынын өкүмдарлары курдурган 10 шаарды камтыган зор Ангкор комплексинде 1000ден ашык монументтик курулуштар сакталган: храм-тоо Пном-Бакхенг (893); Пхимеанакас храмы (10-к.); Ангкор-Ват храм комплекси (12-к.) ж. б. К. Франция колониясына айланганда европ. үлгүдөгү имараттар салына баштаган. 1960-жылдары К-да Көз карандысыздык (1960–62) эстелиги, Чакдомукх залы (1962), Улуттук спорт комплекси (1964), Чамкармон сарайы (1966) ж. б. архралык курулуштар пайда болгон.

Кхмерлердин муз. мад-ты эң байыркы доорго таандык. Ангкор ж-а Байон храмдарынын барельефтери муз.-театрдык мад-тынын өнүккөнүн, муз. аспаптардын [барабан (сампхо), чаб, чинг, гонг, булгаары ж-а мүйүз трубалар (санг), дого, арфалар (пын) ж. б.] көптүгүн тастыктайт. 19-к-дын 2-жарымынан кытайлык, малайзиялык, европ. ж. б. муз. салттардын К-нын мад-тына таасири тийген.

Ад.: Страны и народы. Зарубежная Азия. Юго-Восточная Азия. М., 1979; *Марунова И. Б.* Древний театр кхмеров. М., 1980; История Кампучии. Краткий очерк. М., 1981; *Пфеффер П.* Азия. М., 19[illegible]; *Алексеева Н. Н.* Современные ландшафты зарубежной Азии. М., 2000; *Альбанезе М.* Ангкор. Величие кхмерской цивилизации. М., 2003; *Бектимирова Н. Н., Дольникова В. А.* Камбоджа и Таиланд: тенденции политического развития. М., 2007; Камбоджа //Большая Российская Энциклопедия. Т. 12. М., 2008.



Ханзада бийи. Камбожа король балети.

Ангкор-Ваттагы Тхомманон храмы. 12-к-дын 1-жарымы.



Н. Алымкулова, Ө. Бараталиев, Ш. Керимова.

КАМДАР (нем. kamm – кыр, жон, жал) — тегерек же узатасынан созулган аралча дөбөлөр же алардын тобу. Эриген мөңгү суулары топтоп ыргеген тектерден турат. Бийикт. 2–5 *м*ден 30 *м*ге чейин. Көбүнчө плейстоценде материктик муз каптаган аймактарда (Карелия, Балтика бою, Ленинград обл-нда ж. б.) кездешет.

КАМЕ́НСКИЙ Алексей Николаевич (29. 7. 1938-ж. т., Москва ш.) – КРдин эл сүрөтчүсү (2000), Москвадагы Строганов атн. Жогорку көркөм өнөр окуу жайын бүткөн (1962). Кырг-нга 1962-ж. келген. 1963-жылдан респ., Бүткүл союздук ж-а Эл аралык көргөзмөлөрдүн катышуучусу. 1966-жылдан СССР Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү. К. Воронин, С. Бакашев, З. Хабибулин м-н бирге М. В. *Фрунзенин* мемориалдык музейинин имаратынын тематикалык рельефин түзүүгө, Кыргыз мамл. филармониясынын, «Айчүрөк» борб. универмагынын ж-а Москвадагы «Киргизия» кинотеатрынын имараттарын жасалгалоого катышкан. П. Шубин атн. балдар муз. мектебиндеги мозаикалык паннонун, Бишкектеги «Бакыт» үйүнүн, Нарындагы «Ала-Тоо» мейманканасынын чий панносунун ж-а карапа жасалгасынын, «Күн» ж-а «Түн» ж. б. пейзаждык композицияларынын автору. К. станоктук живопись, портрет ж-а пейзаж жанрларында да эмгектенет. Анын «Кара баткак» (1966), «Хива. Палван-Дарбаза» (1968), «Оодарыш» (1970), «Сүйүнүч» (1972), «Памир мотиви» (2002) ж. б. живопистик чыгармалары бар. К-дин чыгармалары Г. Айтиев атн.



Каменский А. «Оодарыш». 1970.



Кыргыз улуттук көркөм сүрөт иск-во музейинде ж-а КМШ өлкөлөрүнүн музейлеринде сакталуу.

КАМЕ́НСКИЙ (Э й д и с) Михаил Давыдович (декабрь, 1889, Киев губерниясы, Звенигород уезди, Шпола кыш. – ө. ж. ж-а жери белгисиз) – сов. ж-а парт. ишмер. Москвадагы 2 жылдык марксизм-ленинизм курсун (1926) бүтүргөн. Падышалык бийлик тушунда рев-ялык ийримдерге катышкан деген айып м-н камалган (1907). 1907–11-ж. түрмөдө отуруп, жашыруун рев-ялык иштерди жүргүзгөн. 1911–17-ж. армияда кызмат өтөп, 1918–19-ж. Украинада ар кандай парт., сов. кызматтарда, 1921–24-ж. Томск губерниялык к-тинде уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1924-жылдан РКП(б) БК О. Азия б-ча бюросунун Фергана обл. бөлүмүнүн башчысы, 1924-ж. ноябрдан 1925-ж. августка чейин партиянын Кыргыз обкомунун 1-секретары. К. чарбалык тажрыйбасы жок, сабаты тайкы ж-а жерг. элдин маданий-турмушун жакшы билбегендигине карабастан, саясий багытты түшүнгөн, жазма ж-а оозеки көрсөтмөлөрдү, парт. чечимдерди так аткарган. Өздөрүн батрак катары көрсөткөн адамдарга (Кудайкулов, Бабаханов) таянып, Кыргыз обкому ж-а обл. аткомундагы жооптуу кызматкерлерди (жерг. лидерлерди) Москвадан чакырылган адистер м-н алмаштыруусу кыргыз жетекчилердин нааразычылыгын туудурган. Натыйжада И. *Айдарбеков*, Т. *Кудайбергенов*, А. *Сыдыков* ж. б. башында турган топ обкомдун туура эмес линиясына каршы кат даярдап, ага 30 киши кол койгон. Ал кат тарыхта «отузчулардын арызы» же обкомго каршы манифест катары белгилүү. Улут саясатын ишке ашыруууда мекеме-ишканаларда кыргыз тилинин абалынын төмөндүгү, мамл., парт. аппаратка кадр тандоодо жеке адамдын көз карашы, кыргыз кадрларын бийликтен четтетүү, куугунтукка алуу ж. б. облустагы саясий абалдын курчушуна, ачык күрөшкө алып келгендиги катта көрсөтүлгөн. 1925-ж. 29–30-июлда РКП(б) нин О. Азия б-ча бюросунун жыйыны текшерүү комиссиясынын докладын угуп, «отузчулардын арызын» ж-а аракетин партияга каршы, улуттук, бай-манаптык топ катары баалаган. К. 1926–41-ж. Түн. Кавказ крайкомунда, Чечен обл. парт. уюмунда, Шахты, Саратов, Ярославль ш-нда парт. жооптуу кызматтарда, 1941–44-ж. Кырг-ндагы Красная Речка МТСинин директору, 1945-жылдан СССР а. ч. министрлигинин Башкы башкармалыгында улук экономист болуп иштеген.

КАМЕ́НСКИЙ КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ Ысык-Көл р-нунда, Ананьев кыш-нан 6 *км* түндүктө, деңиз деңг. 1648–1701 *м* бийикте. 1984-ж. чалгындалган. Кен Чоң Байсоорун суусунун өрөөнүндө жайгашып, өзөндөгү аллювий катмарынан түзүлгөн. Пайдалуу катмар 36% сайташ, 45% шагыл, 19% кум кошундусунан турат. Чалгындалган калындыгы 10 *м*. Шагылда интрузия тектери 89%ке жетет. Кум-шагыл курулушта, жол курууда пайдаланылат. 1997-жылга карата баланстагы запасы: А – 66 мин $м^3$, В – 670 мин $м^3$, C_1 – 1339 мин $м^3$.

КАМЕ́НСК-УРА́ЛЬСКИЙ – Россиядагы шаар. Свердлов обл-нда. Ортонку Уралдын түш.-чыгыш капталында, Каменка д. Исеть д-на куя бериште жайгашкан. Калкы 181,6 мин (2007). Т. ж. бекети. Екатеринбург ш. м-н автомобиль жолу аркылуу байланышат. 1682-ж. пайда болгон. 1935-жылдан шаар. 1940-жылдан азыркыдай аталат. Шаар – облустун ири ө. ж. борбору. Алюминий түтүктөрүн жасоочу, электр-мех. ж. б. з-ддор, түстүү металлургия өндүрүшү үчүн жабдуу, жеңил, курулуш материалдар ө. ж. ишканалары иштейт. Ыйык Троица собору (1790–1808), Преображение ж. б. чиркөөлөрү сакталган. 2001-ж. Александр-Невский саат мунарасы курулган. Ондон ашык ЖОЖ (а. и. филиалдар, окулчүлүктөр), китепканалар, музейлер (а. и. край таануу, геол. ж. б.), театрлар, Красногорск ЖЭБ бар.

КАМЕРАЛЫК МУЗЫКА – аткаруучулардын чакан тобу чакан жайда аткарууга арналган аспаптык же вокалдык чыгарма. Адеп пайда болгондо (ө. кылымда) саналуу гана угуучулар үчүн аткарылса, 19-к-дан чоң концерт залында ойноло баштаган. К. м. 16-к-дын аягына чейин вокалдык жанр, 17-к-дан аспаптык музыка деп аталган. 16–18-к-да ал термин гражд. музыканы да туюндурган. Азыркы камералык-аспаптык ансамблдин түрлөрү (трио, квартет ж. б.) веналык классикалык мектептин өкүлдөрүнүн (Й. Гайдн, В. А. Моцарт, Л. Бетховен) чыг-лыгында пайда болгон. 18-к-дын аягында, айрыкча 19-к-да вокалдык К. м-га көрүнүктүү орус композиторлору да кайрылган. К. м. кыргыз профессионал музыкасында да кеңири өнүгүүдө, к. *Кыргыз академиялык камералык хору*.

КАМЕРТО́Н (нем. kammer – бөлмө, тон – добуш) – дирилдек учтары добуш чыгара турган ийме жаактуу металл. К. муз. аспаптарды күүгө



келтирүүдө ж-а ырдоодо үн бийиктигинин эталону катары кызмат кылат. К. көбүнчө 1-октаванын «ля» нотасында колдонулат. Ырчылар м-н хор дирижёрлору 2-октаванын «до» нотасында да пайдаланышат. 1858-ж. Париж ИА 435 *Гц* жыштык К-ду сунуш кылган. 1885-ж. Венада өткөн Эл аралык конф-яда бул жыштык добуштун эл аралык эталону катары кабыл алынган. Кырг-нда 1936-жылдын 1-январынан К-дун 440 *Гц* жыштыктагы үлгүсү колдонулат.

КАМЕРУ́Н (португалча Piodes camarones – «креветкалуу дарыя» деген мааниде) – Батыш Африкадагы жанар тоо массиви, Гвинея булуңунун жээгинде. Камерун мамлекетинин аймагында. Капталдары жантайынкы, көптөгөн каптал конустары (100дөн ашык) ж-а кратерлери бар домпок (бийикт. 4100 *м*), трахибазальттуу стратожанартоо. Эң бийик жери 4070 *м* (аракеттеги Фако жанар тоо конусу; акыркы жолу 2000-ж. атылган). Батыш ж-а түш.-батыш капталдары Африканын эң жаанчыл жери, Дебунжада жылына 9655 *мм* чамасында жаан-чачын жаайт. Капталдарын нымдуу тропик токою, дайыма жашыл тоо токою ж-а шалбаасы ээлейт.

КАМЕРУ́Н, Камерун Республикасы – Борб. Африкадагы мамлекет. Түн.-батышынан Нигерия, түн.-чыгышынан Чад, чыгышынан Борб. Африка Респ., түштүгүнөн Конго Респ.,





Габон, Экватордук Гвинея өлкөлөрү м-н чектешет. Батышынан Бонни булуңу (Атлантика океанындагы Гвинея булуңунун бир бөлүгү) м-н чулганат; жээк сызыгынын уз. 402 *км*. Аянты 465 миң *км*². Калкы 19 млн (2008). Борбору – Яунде. Расмий тилдери – француз ж-а англис тилдери. Акча бирдиги – КФА франкы. Адм.-айм. жактан 10 провинцияга бөлүнөт (к. таблицаны).

К. – БУУга (1960), Африка союзуна (1963), ЭВФке (1963), Эл аралык реконструкция ж-а өнүгүү банкына (1963), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна (1995), Шериктештикке (1995) мүчө.

Мамлекеттик түзүлүшү. К – унитардык мамлекет. К-дун Конституциясы 1972-ж. 2-июнда

Администрациялык-аймактык бөлүнүшү (2008)

Провинция	Аянты, миң км²	Калкы, миң	Адм. борбору
Адамава	63,7	897	Нгаундере
Батыш	13,9	2427,0	Бафусам
Борбордук	68,9	2991,8	Яунде
Жээк	20,2	2454,1	Дуала
Түндүк	65,6	1509,5	Гаруа
Түндүк-Батыш	17,8	2241,3	Баменда
Түштүк	47,1	677,1	Эболова
Түштүк-Батыш	24,5	1518,0	Буэа
Четки түндүк	34,2	3361,5	Маруа
Чыгыш	109,0	936,9	Бертуа

референдумда кабыл алынган. Башкаруу формасы – президенттик республика. Мамлекет башчысы – бүткүл эл тарабынан 7 жылдык мөөнөткө шайланган президент. Ал куралдуу күчтөрдүн башкы командачысы болуп саналат ж-а премьер-министрди, өкмөт мүчөлөрүн, сотторду, провинция губернаторлорун дайындайт. Мыйзам чыгаруучу жогорку органы – кош палаталуу парламент. Төмөнкү палатасы – Улуттук чогулуш (180 депутаттан турат, 5 жылга шайланат). Жогорку палатасы – Сенат (100 сенатордун 30ун президент дайындайт, 70и кыйыр шайлоо жолу м-н шайланат). Аткаруу бийлигинин жогорку органы – премьер-министр жетектеген өкмөт. Өкмөт кабинетинин мүчөлөрү Премьер-министрдин сунушу м-н президент тарабынан дайындалат. Өкмөт парламенттин алдында жоопкерчиликтүү. К-да көп партиялуу система орун алган. Негизги партиялары: К. элинин демокр. биримдиги (КЭДБ), Социал-демокр. фронт (СДФ), Прогресс ж-а демокр. үчүн улуттук союз, К. демокр. союзу.

Табияты. Бонни булуңун жээктей жазылыгы 130 *км*ге жеткен аккумуляциялык ойдун созулуп жатат; ал Камерун жанартоо массиви (бийикт. 4100 *м*, өлкөнүн эң бийик жери) м-н бөлүнгөн. Ойдундан К-дун басымдуу бөлүгүн ээлеген денудациялык цоколдук бөксө тоо тепкичтенип көтөрүлөт. Түш. бөлүгүнө (Түш. Камерун бөксө тоосу) бир аз кудурлуу рельеф мүнөздүү, орт. бийикт. 600–900 *м*. Борб. бөлүгүндө бийикт. 2460 *м*ге жеткен Адамава тоолору (Чабаль-Мбабо чокусу) жайгашкан; ал тектон. жаракалар м-н чектешип, жаш лава катмалары ж-а өчкөн жанар тоолордун конустары м-н та-

Бонни булуңу. Арткы планда Камерун жанартоосу.



таалданган; анын түндүгүндө жапыз (орт. бийикт. 800–1000 *м*) Мандара тоолору жатат. Адамава ж-а Мандара тоолорунун аралыгында катмарланган көтөрүнкү түздүк жайгашкан; ал аркылуу Бенуэ д. агат. Өлкөнүн четки түндүгүн Чад ойдунунун кол-аллювийлүү жайпак түздүгү ээлейт. Анын бийикт 300 *м*дей, жамгырлуу сезондо суу каптап калат. К-дун басымдуу бөлүгү Африка платформасынын калканында жайгашкан. Кен байлыктары: нефть ж-а күйүүчү табигый газ (негизинен шельфтен казылып алынат), боксит, алтын, латериттик кобальт-никель-марганецтүү кенташ, темир, уран, титан ж. б.

К-дун аймагы экватордук ж-а субэкватордук климаттык алкактарда жайгашкан. Түштүгүнө жайыма нымдуу экватордук климат мүнөздүү; ал жылуу айынын (февраль же март) орт. темп-



Нымдуу экватор токою.

расы 24–28°С, эң суугунуку (июль же август) 22–24°С. Жылдык жаан-чачындын өлчөмү ички аймактарында 1500–2000 *мм*, жээктеринде 3000 *мм*; Камерун массивинин батыш ж-а түш.-батыш капталдарында 9655 *мм*ге чейин (Дебунжа), Африканын эң нымдуу жери. Жээгинде (Дуала ш-нда) эң аз жаан-чачын декабрь–февралда, эң көп жаан-чачын (айына 800 *мм*ге чейин) августа жаайт. Түш. бөлүгүнүн ички аймактарына (Яунде ш.) жаан-чачындын эки жолку максимуму (март–июнь ж-а сентябрь–ноябрь) мүнөздүү. Өлкөнүн түн. ж-а борб. бөлүктөрүнүн климаты субэкватордук, жайы жаанчыл, кышы кургакчыл. Кургакчыл мезгилинин узактыгы түштүктөн түндүктү карай 4төн 7 айга чейин өсөт. Айлык орт темп-расы борб. бөлүгүндө 20–21°Сден (декабрь–январь) 22–24°Сге (апрель–май), түздүктөрүндө ирети м-н 26°Сден 32–36°Сге чейин. Жаан-чачындын өлчөмү Чад көлүнүн тегерегинде 500 *мм*ден аз, кээде кургакчылык да болот.

Дарыялары жыш ж-а суусу мол. Өлкөнүн басымдуу бөлүгү Атлантика океанынын, түн. чети ж-а түн.-чыгышы ички суу алаптарына кирет. Бонни булуңуна К-дун түш.-батыш ж-а борб. бөлүктөрү аркылуу Санага, Ньонг, Нтем, Вури ж. б. дарыялар агат. Түш.-чыгыш бөлүгүнүн суулары Санга д-ныны түзүмүнө (Конгонун ала-

бы) кирет. Адамава тоолорунан башталган Бенуэ д. Конгонун негизги куймасы болуп саналат. Логон, Шари, Дорма д. Чад көлүнө куят. ГЭСтер, суу сактагычтар бар.

Түш. бөлүгүнө кызыл-сары ферралит, борб. бөлүгүнө кызыл ферралит ж-а феррозем топурактары мүнөздүү. Чад көлүнүн ойдунунда гидроморфтуу ж-а шор топурактар басымдуу. Өлкөнүн аймагынын $^1/_2$ бөлүгүн токой ж-а сейрек токой ээлейт. Түш. Камерун бөксө тоосунда нымдуу, дайыма жашыл экватор токою таралган; анда акажу, азобе – темир дарак, эбен дарагы ж. б. баалуу даректар арбын. Камерун массивинин капталдарына дайыма жашыл токой, 3000 *м* бийиктен жогору тоо шалбаасы мүнөздүү. Өлкөнүн борб. бөлүгүн жалбырагын күбүүчү дайыма жашыл токой, сейрек токой ж-а саванна ээлейт. Бенуэ түздүгүндө накта саванна, Чад көлүнүн ойдунунда чолдошкон саванна басымдуу. Жээктей мангр токою өсөт. Өлкөнүн экол. негизги проблемаларынын бири – токойдун тез кыйылып жатышы; себеби андан коммерциялык жыгач даярдоо (жашыруун дагы), о. эле токойду кыйып, а. ч. өсүмдүктөрүн (какао, май пальмасы, банан ж. б.) өстүрүү үчүн жер бошотуу.

Флорасынын курамында түтүктүү өсүмдүктөрдүн 9000ден ашык түрү бар; Камерун жанартоо массивинин дайыма жашыл тоо токою ж-а өлкөнүн түштүгүндөгү дайыма жашыл нымдуу экватор токою эндемизми м-н өзгөчөлөнөт. Сүт эмүүчүлөрдүн 300дөн ашык (анын 42 түрү жоголуу алдында), куштардын 1000дей (18 түрү жоголуу алдында), сойлоочулардын 200дөй түрү белгилүү. Токойлору айрыкча приматтары (горилла, шимпанзе, Преусс колобусу ж. б.) м-н өзгөчөлөнөт; о. эле африка пили, бегемот, токой антилопалары ж. б. мекендейт. Саванналарда туяктуулар (африка жанышы, кара керик, жираф, антилопалардын түрлөрү) көп; жырткычтардан арстан, кабылан кездешет; орнитофаунасына чоң куштар (африка страусу, марабу, тоодактар) мүнөздүү. Коргоого алынган табигый аймак өлкөнүн аянтынын 15% ин ээлейт; бирок алар расмий статус алганы м-н алардагы

Саванна. Бенуэ түздүгү.



өсүмдүктөр ж-а жаныбарлар дүйнөсү көп учурда жоголуу коркунучуна кабылат. Коргоого алынган эң ири аймактар: Бенуэ, Буба-Нжида, Ваза, Кампо, Фаро, Коруп улуттук парктары, Бафиа, Жа, Дуала-Эдея резерваттары. Жа фауналык резерваты *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген.

Калкы. К-дун калкынын көбү (74,7%и) нигер-конго тилдеринде сүйлөгөндөр: бантоид тилдериндегилер – 63,2% (а. и. банту, бамилеке, яунде, булу, баса, бамум, видекум ж. б.); адамава-убанги тилиндегилер – 4,1% (түндүгүндө), банги тобу – 2%ке чейин (түштүгүндө), фульбелер – 7,4% (негизинен түндүгүндө). Түндүгүндө о. эле чад тилдеринде (10,9%), нил-сахара тилдеринде сүйлөгөн элдер (0,7%) жашайт. К. креолдору 11,5%ти түзөт; о. эле француз (0,2%) ж. б. да бар. Калкынын табигый өсүүсү 2% (2008). Төрөлүү (1000 тургунга 35 бала) өлүм-житимден (1000 тургунга 12,4 адам) дээрлик 2 эсеге ашык. Калктын курактык түзүмү: 15 жашка чейинки балдар – 41,1%, 15–64 жаштагылар – 55,7%, 65 жаштан өткөндөр – 3,2%. Адам өмүрүнүн күтүлгөн орт. узактыгы 53 жаш (эркектердики 52, аялдардыкы 54 жаш). Калкынын орт. жыштыгы: 1 $км^2$ жерге 41 адам. Шаар калкы – 40%тен ашык. Ири шаарлары: Дуала (калкы 1978,7 мин), Яунде (1676,6 мин), Гаруа (519 мин), Баменда (485,8 мин), Маруа (394,6 мин), Бафусам (347,5 мин), Нгаундере (282,5 мин), Бертуа (265,3 мин). Калкынын 40–63%и христиандар, анын 23–35%и католиктер, 17–28%и түрдүү протестант (англикандар, баптисттер, пресвитиандар), 0,2–0,5%и православныйлар; 20–35%и мусулман-сүннөттөр; 22–40%и жерг. диндерди тутунгандар.

Тарыхы. Маруа, Яунде, Окола, Ягуа аймактарынан табылган таш доорунун эстеликтери К-да адам эзелтен эле жашагандыгын айгинелейт. Байыркы калкы – пигмейлер. Негизинен дыйканчылык, мал чарбачылык, балык уулоочулук, анчылык м-н кесиптенишкен. Б. з. ч. 1-миң жылдыктын ортосунан Түн. К. аймагында (Логона м-н Шари д-нын ортосундагы аймак) сао мад-ты өнүккөн. 16-к-да бул жерде Макари, Афаде, Гульфей, Кауфе, Логон-Бирни шаар-княздыктары пайда болгон. 17-к-да Борнуга көз каранды Мандара феодалдык султандыгы түзүлгөн. 18-к-да негизинен К-дун түн. аймактарында ислам дини пайда болгон. 18-к-дын аягы – 19-к-дын башында көчмөн фульбелер Мандара султандыгын басып алып, Түн. ж-а Борб. К-га ламидаттардын бир катар феодалдык мусулман княздыктарын түзгөн. 18-к-дын башында Борб. К-да пайда болгон Банум (Бамум) уюмунун башчылары Батыш түш. аймактарына фульбелердин кирүүсүн токтоткон. 18-к-да Банумдун түш.-батышында бамилеке мамлекети түзүлгөн. 1472-ж. Руя ди Сицилра жетектеген португалиялык моряктар жээкке түшүшкөн. 16-к-дын аягында нидерланддар, 18-к-дын башында британиялык, фр., германиялык соодагерлер ж-а миссионерлер К-га келе баштаган. Европалыктардын соода далдалчылары дуала уруулары (17-к-дын башында Атлантика жээктерине көчүп келген) болгон. К-дан Америкага кул, Европага пил сөөгү, пальма майы жөнөтүлүп, ордуна арак, тамеки, текстиль, от атма куралдар ж. б. алынып келген. Дуала урууларынын мамлекети европалыктар м-н жүргүзүлгөн сооданын негизинде өнүккөн. 1884-ж. герман өкмөтүнүн эмиссары Г. Нахтигаль Дуаланын уруу башчыларына 30 жылдык протекторат ж-дөгү келишим тануулаган. К-дагы германиялык колониянын чек арасы Улуу Британия (1885, 1886, 1893) ж-а Франция (1885, 1894, 1911) м-н түзүлгөн келишимдер б-ча белгиленген. 1916-ж. февралда биринчи дүйнөлүк согуштук мезгилинде К-ду Англия-Франция армиясы басып алып, мартта өз ара бөлүшүп алган. *Версаль тынчтык келишими (1919)* б-ча Германия К-дагы өзүнүн ээликтеринен айрылган. 1922-ж. июлда Улуттар Лигасы Чыгыш К-ду Францияга, Батышын Улуу Британияга берген. 1924-ж. Батыш К. британдык Нигерия колониясына кошулган. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин (1946) К-дун эки бөлүгүндө мандаттык режим БУУнун опекасындагы аймак статусу м-н алмашылган. 1940-жылдардын экинчи жарымында Чыгыш ж-а Батыш К-да биригүү ж-а көз каранды эместик үчүн кыймыл күч алган. Аны Чыгыш К-да 1948-ж. негизделген К. элдеринин союзу (КЭС) жетектеп, Франция өкмөтүнүн ага тыюу салганына (1955) карабастан, колониялык бийликке каршы партизандык согуш жүргүзгөн. 1957-ж. француз өкмөтү Чыгыш К-га «опекадагы автономиялуу аймак» статусун ыйгарган. Батыш К-да К. улуттук федерациясы (1949) ж-а К. бириккен улуттук конгресси (1951) көз карандысыздык үчүн күрөшүп, 1953-ж. К. улуттук конгресси партиясына бириккен. 1954-ж. Түш. К. британдык Нигерия курамындагы автономиялуу район статусуна ээ болгон. 1959-ж. БУУнун Генералдык Ассамблеясы Чыгыш К-га көз карандысыздык берүү чечимин жарыялаган. 1960-ж. 1-январда К. Респ. түзүлүп, БУУга мүчө болгон. Нигерия 1960-ж. октябрда көз карандысыз деп жарыялангандан кийин 1961-ж. февралда Батыш К-да өткөрүлгөн плебисциттин натыйжасында Түн. К. Нигерия Федерациясына кошулууну, Түш. К. К. Респ-на биригүүнү каалаган.

1961-ж. 1-октябрда курамына К. Респ. (Чыгыш К.) ж-а Батыш К. кирген (мурдагы Түш. К.) К. Федерация Респ. (КФР) түзүлүп, К. союзунун (КС, 1958-ж. негизделген) лидери Ахмаду Ахижо президент ж-а федералдык өкмөттүн башчысы болгон. 1972-ж. 20-майдагы референдумда КФР Бирдиктүү К. Респ. (БКР) болуп кайра түзүлгөн. 1982-ж. А. Ахижо отставкага кетип, ордуна П. Бийя келген. 1984-ж. 25-январда өлкө К. Респ. деп аталган. 1990-ж. К-да көп партиялуу система киргизилген. Өлкөдөгү президенттик шайлоолордо (1992, 1997, 2004) П. Бийя кайрадан президент болуп шайланган.

КАМЕРУН


Терендик жана бийиктик шкаласы, метр менен
терең 2000 1000 200 0 200 500 1000 2000 3000 4000 жогору
Масштабы 1:10 450 000
Чад көлү
НДЖАМЕНА
Гринвичтен чыгышка
Н И Г Е Р И Я
Ч А Д
Б Ө Р Б Ө Р Д Үк А Ф Р И К А Н Ы Н Р Е С П У Б Л И К А С Ы
Г А Б О Н
ЭКВАТОРДУК ГВИНЕЯ
Гвинея булуңу
МАРУА
ЯГУА
ГАРУА
НГАУНДЕРЕ
БЕРТУА
ЯУНДЕ
ДУАЛА
БАФУСАМ
БАФИА
ЭБОЛОВА
Сангмелима
Ваза
Мора
Мага
Кусери
Гидер
Фигил
Питоа
Лагдо
Чоллтоа
Туборо
Мбитао
Нгаундере
Мбере
Мбере
Мбаи
Мбаи
Нгаундере
Мбати
Мбаргу
Гаруа-Булаи
Мбарога
Лого
Белабо
Нанга-Эбоко
Батури
Дуле
927
Нгелеле
Мбанжок
Абонг-Мбанг
Акономлинга
Мбальмайо
Яоундума
726
Банго
Лоломо
Мбалам
Мбаурлу
Мбаи
Мбаи
Мбаи



Банан жана жүгөрү талаасы.

өнөрчүлүк (жыгачты ж-а пил сөөгүн оймо-чиймелеп кооздоо, карапа өндүрүшү, саймачылык) өнүккөн.

А. ч-нда майда дыйкан чарбалары басымдуу. Айдоо жер өлкөнүн 13% аянтын ээлейт. Негизги экспорттук өсүмдүгү – какао (2005-ж. 180 миң *т* какао даны даярдалган; дүйнөдө алдыңкы орундардын бирин ээлейт). Какао эгилген жердин жалпы аянты 400 миң *га*. О. эле бал камыш, банан, пахта, кофе, май пальмасынын экспорттук мааниси бар. Негизги азык-түлүк өсүмдүктөрү: плантейн, кассава, таро, жүгөрү, ак жүгөрү, ямс; о. эле жашылча, мөмө-жемиш, гевея, чай, жер жаңгак, күнжүт, тамеки ж. б. өстүрүлөт. Мал чарбасы цеце чымынынын чагуусунан ж. б. тропиктик оорулардан пайда болгон трипаносомоз ылаңынын кеңири таралышына байланыштуу анча өнүккөн эмес. Шаарлардын чет-жакаларында чочко ж-а куш чарбалары тез өнүгүүдө. 2004-ж. 5600 миң бодо мал, 4400 миң эчки, 3800 миң кой, 1350 миң чочко, 17 миң жылкы, 31 млн үй кушу болгон. Жылына 108 миң *т* балык кармалат.

Транспорт тармагы начар өнүккөн. Автомобиль жолунун уз. 50 миң *км*, т. ж-унуку 1 миң *км*; негизги магистралы – Транскамерун т. ж. (885 *км*) Дуала – Нгаундере ш-н туташтырат. Ири деңиз порттору: Дуала-Бонабери, Лимбе, Криби. Деңиз транспорту аркылуу сырткы соода жүгүнүн 95%тен ашыгы ташылат. Негизги ички деңиз жолу – Бенуэ д. (жаан катуу жааганда кеме жүрүү чектелет). Өлкөдө 45 аэропорт бар; эл аралык аэропорттору Яунде, Гаруа, Дуала ш-нда жайгашкан. Нефть куурунун уз. 1107 *км*, газ куурунуку 70 *км*.

Экспортко нефть ж-а нефть продуктуларын, алюминий, жыгач, какао даны, кофе, пахта чыгарат; негизги кардарлары: Испания, Италия, Франция, Түш. Корея, Нидерланд, АКШ, Бельгия. Транспорт каражаттарын, машина ж-а жабдууларды, азык-түлүк, отун, хим. жер семирткич, керектелчү товарларды Франция, Нигерия, Кытай, Бельгия, АКШдан сатып алат.

Маданияты. К-да окуу жайларын ишкаруу Жогорку билим берүү министрлиги. Баштарга тех. билим берүүнүн мамл. секретариаты, Улуттук билим берүү министрлиги тарабынан ишке ашырылат. К-да билим берүүнүн эки системасы түзүлгөн. Өлкөнүн батыш бөлүгүнө британдык, чыгышына фр. система киргизилип, окутуу К-дун батышында англис тилинде, чыгыш бөлүгүндө француз тилинде жүргүзүлөт. Өлкөдө мамл. ж-а конфессиялык (католиктик) мектептер, 7 жылдык кесиптик-тех. лицейлер бар. 15 жаштан жогорку курактагы калктын сабаттуулугу 59,2%ти түзөт. 30дан ашык ЖОЖ (ун-т, ин-т ж-а жогорку мектептер) иштейт. Яунде католик ун-ти ж. б. Яундеде Улуттук архив (1952), Улуттук китепкана (1966) ж. б., Яунде, Фумбан ж-а Жангда Камерун иск-во музейлери, Бамендада Эл аралык музей ж-а Акум (1948) китепканасы ж. б. жайгашкан.

К-да 1960-жылдан француз ж-а англис тилдеринде өкмөттүк гезит-журналдар чыгат. 1978-жылдан «CamNews» маалымат агенттиги, 1955-жылдан радио уктуруулар, 1986-жылдан телекорсотүүлөр иштейт. Аны англис, француз, араб ж-а жерг. тилдерде «Cameroon Radio Television» (CRTV) мамл. компаниясы ишке ашырат.

К. элинин фольклору бай. К-дун ад-ты негизинен француз ж-а англис тилдеринде өнүккөн. 1950–60-жылдары К. ад-тында Монго Бетинин, Ф. Ойононун социалдык-турмуштук чыгармалары, повесттери ж-а романдары, көз карандысыздык үчүн күрөш мезгилинде элдик ыр салттарынан башат алган поэзия (Хаж аль-Мукрана, Э. Эпанья-Йондо) жаралып, 21-к-дын башында П. Монгонун, Монго Бетинин романдары кеңири белгилүү болгон. 1950–60-жылдардын че-

Камерун акчасы.







Шуму турак жайы.

гинде китеп басуу иши өнүгө баштаган. 1966-ж. жазуучулар ж-а акындар ассоциациясы түзүлгөн.

Шери ж-а Логон д-нын жээктеринде – өлкөнүн түндүгүндө К. элинин байыркы арх-ралык эстеликтери сакталган. К-да музгу элинин жалаң чоподон тургузулган көмөргөн идиш сымал тамы башкалардыкынан өзгөчө. 19-к-да шаарлар (Яунде ж. б.) пайда болуп, европ. типтеги имараттар курулган. Жыгачка оюу түшүрүү, карапа жасоо, коло куюу, сайма өнөрү кеңири тараган. Улуттук иск-вонун гүлдөшүнө орчундуу салым кошкон живописчилер м-н скульпторлор: Абоссоло, Кенфак, Мпандо, кийинчерээк Момбе Массанга, Г. Муафо, Исам Канко ж. б.

К. элдеринде (фульбе, хаус, пигмей ж. б.) байыртадан салттуу муз. мад-ты болуп, өлкөнүн түн.-чыгыш райондорунда сакталып калган. Алар флейта, барабан, труба сыяктуу ж. б. муз. аспаптарды колдонушкан. 19-к-дын аягынан Дуала, Яунде ш-нда мад-т калыптана баштап, батыш тибиндеги бий оркестрлери (аккордеон, гитара, банжо, саксофон, контрабас) ж-а аскер үйлөмө аспап оркестрлери пайда болгон. 20-к-дын ортосунда К-дун бий ж-а музыкасына латын амер. мад-ттын таасири тийген. 19-к-дын аягында К. салттуу музыкасын изилдөө (немис ж-а француз музыка таануучулары, камерундук музыка таануучу Э. Мохаммаду, австриялык окумуштуу Г. Кубик) иштери жүргүзүлгөн. 1972-ж. К. композиторлор ж-а музыканттар уюму негизделип, салттуу музыка фестивалдары өткөрүлөт.

19-к-дын аягы – 20-к-дын башында француз миссионерлеринин таасири м-н К. драматургиясы өнүгө баштаган: Ф. Тонго Дибунду, К. Кведи, А. Ндумбе Мусинги ж. б-дын пьесалары дин майрамдарында көрүүчүлөргө тартууланган. 1955-ж. Яундеде С. Авон жетектеген К. Жаш артисттеринин ассоциациясы түзүлүп, «Эбутанын үйлөнүшү», «Жумушсуз» пьесалары коюлган. 1961-ж. Дуалада К. элдик театры (жетекчиси Боэ-а-Аманга), 1974-ж. Улуттук театр негизделген. 1970–2000-ж. К. белгилүү драматургдары: П. Ндеди Пенда, П. Ассенг, П. Монго, Ж. Дохо, В. Эпи Нгоме, режиссёрлору: Э. Кеки Маньо, А. Банг. Учурда Дуалада «Жашыл театр», Э. Пендин «Көчмө театры», «Дуал арт» маданий борбору иштейт.

1960-ж. чейин К-да чет элдик режиссёрлор (а. и. француз режиссёру Ж. Ж. Жене) кино тартышкан. К. кинематографтарынын этногр. мүнөздөгү алгачкы иштери – Т. Сити-Белланын «Ошол жакта Парижде» (1963), Ж. П. Нгассанын «Бамбиликенин чоң үйү» (1966) ж. б. Маалымат министрлигинин алдында кино иштери б-ча бөлүм (1966) ж-а кино өндүрүштүн финансылык фонду (1973) түзүлгөндөн К. улуттук кино иск-восу өнүгө баштаган. Көптөгөн кинематографисттер чет өлкөдөн (Франция ж. б.) атайын билим алышкан. Белгилүү кинорежиссёрлору: Ж. П. Диконг-Пипа, Д. Камва, Ж. П. Беколо ж. б.

Ад.: Африка. Энциклопедический справочник. Т. 1. М., 1986; Многоликий мир африканского кино. М., 1993; *Соколов А. Г.* Республика Камерун. Справочник. М., 1996; 1000 футболистов. М., 2007; Камерун // Большая Российская Энциклопедия. Т. 12. М., 2008.

Ө. Бараталиев, Ш. Керимова.

КАМЕ́Я (фр. camee) – чакан рельефтик сүрөт түшүрүлгөн, көбүнчө катуу, баалуу, катмардашкан материалдардан (сердолик, оникс, агат ж. б.) жасалган кооздуктар. Байыртан эле белгилүү болгон. Негизинен медальон, төөнөгүч, шакектер ж. б. буюмдарды кооздоо үчүн колдонулган, к. *Глиптика*.



КАМИКА́ДЗЕ (япончо Кудай шамалы) – япониялык учкуч-жанкечтилер. К. экинчи дүйнөлүк согушта (1939–45) душман кемелерине каршы колдонулган. Эң биринчи К. 1944-ж. 16-ноябрда учуп чыккан. Колдонулган бардык мезгилде К. айдаган 5 миңден ашык самолёт учурулуп, алар 45 аскер кемесин чөктүрүп, 300үн катардан чыгарышкан. Бул максатта адегенде эски самолёттор (жарылгыч заты 1600 *кг*га чейин) колдонулса, 1944-ж. ноябрдан атайын «Накадзи-



ма» КИ-115 самолёту, «Ока» («Чие гүлү») снаряд самолёту (2 *т*га чейин) чыгарылган. Самолёт чектелген радиуста учкан. Согуш учурунда 2500дөн ашык учкуч-жанкечтилер каза болгон.

Ад.: *Лейко О. Ю.* Камикадзе. М., 1989.

КА́ММИНГС Эдуард Эстлин (14. 10. 1894, Массачусетс штаты, Кембриж –1962, Түн. Конуэй) – амер. акын, жазуучу, сүрөтчү. Футуризмге ыктаган лирик-урбанист; трагедиялык ж-а сатиралык интонацияларды кезектештирип берүү аркылуу бурж.-рационалисттик турмуштун бүлүнүшүн чагылдырган бунтчул-индивидуалист. К. – «Тандалган 100 ыр» (1959), «6 антилекция» (1953) ж. б. ыр жыйнактарынын «Чоң камера» (1922) романынын автору. Кубизмге ыктаган «Үч», «Чуу» (1919–25) живопистик сериялары бар. 1931-ж. СССРге келип кеткен.

Чыг.: Избранные стихотворения // Пер. В. Британишского. М., 2004.

КАМОО-ТӨР АЛТЫН КЕНЧЕСИ Чүй обл-нун Кемин р-нунда. Таза-Кемин тоосунун түн.-чыгыш капталында, Кичи Кемин суусунун баш жагында, деңиз денг. 2900–3250 *м* бийикте жайгашкан. 1988-ж. табылып, 1988–94-ж. издоо-баалоо иштери жүргүзүлгөн. Кен аймагы акыркы рифей плагиогранитгери, акыркы ордовик сиениттери жиреп өткөн көпүро-сай свитасынын рифейдеги метаморфизмделген сланецтеринен түзүлгөн. Кен метаморфизмделген сланецтердеги тектон. жаракалардын субмеридиандык ж-а түн.-чыгыш багыттагы кошулган жери м-н байланышкан. Жаракаларды бойлой гидротерм процесстеринен өзгөргөн сланецтер тилкесинде кварц тарамдары, сульфиддик минералдар кездешет. Кенташ тарамдары алтын-сульфид-кварц формация тибине кирет. Негизги минералдары: алтын, пирит, арсенопирит, галенит, сфалерит, күмүш, электрум ж. б. Кенташтагы алтындын орт. олчому 7,55 *г/т*, күмүш – 37,12 *г/т*. Запасы 869,9 миң *т*, алтын – 6,57 *т*, күмүш – 32,29 *т*.

КАМПА – дан эгиндери же башка азык-түлүк, буюм-тайым сакталуучу атайын имарат. К-нын ичи бир нече бөлмөлөрго бөлүнүп, анда буудай, арпа, жүгөрү ж. б. эгин өзүнчө сакталат. Көбүнчө дан эгиндеринин бир түрү (буудай же арпа ж. б.) сакталуучу К-лар (ичи бөлүнбөгөн) көп пайдаланылат. К-да а. ч. шаймандары, химикаттар да өзүнчө сакталат. Азыр «К.» түшүнүгү кеңейип, сакталуучу азык-түлүк түрүнө жараша дан сактагыч, картошко сактагыч, жашылча сактагычтар ж. б. пайда болду.

КАМПАЛА – Уганда Респ-ның борбору, шаар. Борб. обл-нун адм. борбору. Виктория көлүнүн түн. жээгине жакын, деңиз денг. 1300 *м* бийикте жайгашкан. Калкы 1,5 млн (2008; өлкөдөгү эң ири шаар). Эл аралык аэропорту бар. 1890-ж. негизделген. 15-к-да Буньоро королдугунун курамына кирген; 1905-ж. чейин Британия колониялык администрациясынын резиденциясы болгон. 1949-жылдан шаар статусуна ээ. 1962-жылдын апрелинен Угандanын борбору (Энтеббе ш-нан кийин). Тамак-аш–татымал, текстиль, металл иштетүү ө. ж. ишканалары иштейт. Ун-т (1970, улуттук), ил. мекемелер (5 и. Уганда коому ж. б.), ин-ттар (а. ч. ж-а мал чарба продукциясын изилдөөчү, Чыгыш Африка региондук), калк китепканасы, археол. изилдөөлөрдү борбору, музей (Африка музыкаспаптарынын кайталангыс коллекциясы сакталган), театрлар бар. Арх-ра эстеликтеринен Рубага собору, Буганда королдорунун күмбөдөрү сакталган.

КАМПАНЕ́ЛЛА Томмазо (5. 9. 1568, Италия, Стило – 21. 5. 1639, Париж) – итал. философ ж-а акын, саясий ишмер, коммунисттик утопияны түзүүчү; доминикандык кечил. «Туюмдар менен далилденген философиясында» Б. Телезионун натурфилос. көз карашын жактаган; бир нече ирет теоретик катары айыпталган. 1598–99-ж. Калабрияда испаниялык үстөмдүккө каршы активдүү катышкандыгы үчүн камалып, 27 жылдай түрмодо отурган ж-а философия, саясат, астрономия, медицина б-ча ондогон чыгармаларды жазган. «Күн шаары» аттуу эмгеги деңиз саякатчысынын ангемеси түрүндө жазылып, анда окумуштуу-жрецтер кастасы башкарган, жеке менчик, үй-бүлө жоюлуп, балдарды мамлекет тарабынан тарбиялап, илим ж-а агартуу өнүккөн идеалдык коомду сүрөттөгөн. Ал – лирикалык ырлардын, канцондордун, мадригалдардын, сонеттердин да автору.

КАМПИ́НАС – Бразилияның түш.-чыгышындагы шаар. Деңиз денг. 685 *м* бийикте, тайпак тоонун добо-дөңсөлүү батыш капталында жайгашкан. Калкы 1,1 млн (2008); калкынын саны б-ча өлкөдөгү 3-шаар (Сан-Паулу, Гуарульюсатан кийин). Эл аралык аэропорту бар. Региондук жолдор тоому. 1744-ж. негизделген. 1842-жылдан азыркыдай аталып, шаар статусуна ээ. Кафедралуу Кудай эне собору (1807–83), т. ж. вокзалынын эски имараты (1868–1920) сакталган. Көп тармактуу ири ө. ж. борбору (дүйнөдөгү

Шаардын борбордук бөлүгү.



эң ири 500 корпорациянын 70ке жакын филиалы ушул шаарда жайгашкан; анда 100 миңге жакын адам эмгектенет). Машина куруу (IBM, «Motorola», «Freescale», «Samsung», «Bosch», «General Motors», «Daimler», «Honda» ж. б. корпорациялар), металл иштетүү, хим., текстиль ө. ж. ишканалары иштейт. Ин-ттар (Агрономия, Тамактануу технологиясы), «Эльдорадо» ИИИ, ? ун-т, обсерватория, музейлер, театрлар бар.

КА́МПУ-ГРА́НДИ – Бразилиядагы шаар. Мату-Гросу штатынын адм. борбору. Калкы 791,2 мин (2008). К.-Г. аркылуу федерациялык үч автотрасса (Парагвай, Боливия ж-а Уругвайдын чек арасына аркылуу) өтөт. Эл аралык аэропорту бар. 1870-ж. негизделген. Носа-Сеньора-да-Абадия собору, Сан-Бенедиту чиркөөсү, ратуша ж-а ун-ттер (м. и. католик, федерация ж. б.), музейлер бар. Тамак-аш (эт ж-а аны тондуруп сактоо), курулуш материалдар ө. ж. ишканалары иштейт. Шаарга жакын эл аралык маанидеги автодром ж-а картодром бар. К.-Г-ден Пантаналга (коргоого алынган табигый аймак; *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген) бир нече туристтик маршрут кетет.

КАМПУЧИЯ – *Камбожа* мамлекетинин 1976–89-жылдардагы аталышы.

КАМСЫЗДАНДЫРУУ – экон. мамилелердин бир түрү. К. – каражаттарынан жаратылыш ж-а башка кырсыктардын кесепетинен келип чыккан зыяндын ордун толтуруучу ж-а акча суммасын төлөп берүүчү акча – К. *фондун* түзүү б-ча иш-чаралар системасы. К-да эки тарап болууга тийиш. Анын бири акча фондун түзүүчү ж-а пайдалануучу атайын уюм, экинчи тарап – *юридикалык жак* же жеке адам ж-а ошол фондго белгиленген төлөмдөрдү төлөөчү камсыздандыруучу. Камсыздандыруучу уюм м-н камсыздандыруучунун ортосундагы мамиле *келишимдин* негизинде түзүлөт. К-нун ыктыярдуу ж-а милдеттүү деген эки түрү болот. Биринчи түрү камсыздандыруучунун өз демилгеси м-н, экинчиси – өлкөнүн колдонуудагы мыйзамдарынын негизинде ишке ашырылат. Мүлктү, коммерциялык *тобокелчиликти*, адамдардын өмүрүн К. деп бөлүнөт. Коммерциялык К. *компаниялары* (уюмдар) камсыздандыруу операцияларынан пайда табуусу көздөшөт.

КАМУФЛЕТТИК ЖАРДЫРУУ – үстү калдыктуу бузулбаган айлана-чөйрөнү, жарылуучу заттардын жайлатылган дүрмөттөрү м-н талкалап же пластиктүү бузуп жардыруу. Терендиктеги сүюктук, газ сактоочу үңкүрлөрдү пайда кылууда, кентанты майда талкалап ылгоодо, көмүр м-н газдын күйүшүн, басымын азайтууда, тоо тектерди жегич заттар м-н жумшартууда колдонулат.

КАМЧАДАЛДАР – Камчатканын жерг. калкы. Саны 2,3 миң киши, а. и. 1,9 миңи Камчаткада, 314ү Магадан обл-ида, 132си Коряк автоно-

мия округунда жашашат (2002). Орус тилинде сүйлөшөт. К. 18–19-к-да Камчатка ж. а-на көчүп келген орустар м-н аралашып кеткен Камчатка ж-а Магадан обл-нын жерг. калкынын (ительмендер) тукумдары. К. балык уулоочулук ж-а анчылык м-н кесиптенишип, багыш өстүрүшөт. Тамак-ашы – негизинен балык азыктары. К-дын салттуу мад-ты ительмендердикине жакын. Улуттук майрамы – Алхалалай.

КАМЧА́ТКА – Азиянын түн.-чыгышындагы жарым арал. Россиядагы аянты б-ча Таймырдан кийинки 2-жарым арал. Батышынан Охота деңизи, чыгышынан Тынч океан ж-а Беринг деңизи м-н чулганат. Түн., түн.-чыгыштан түш.-батышты карай 1200 *км* аралыкта созулуп жатат. Туурасы 450 *км*ге чейин. Аянты 370 миң *км*². Кууш (100 *км*ге чейин) Параполь мойногу аркылуу материк м-н туташат. Чыгыш жээги



Батыш Камчатка.

булун-буйткалуу (ири булундары: Кроноцкий, Камчатка, Корфа ж. б.), батышы тегизирээк. Жарым аралдын борб. бөлүгүндө жарыш жаткан кырка тоолор (Ортолук ж-а Чыгыш) созулуп жатат. Алардын аралыгында Борб. Камчатка ойдуңу жайгашкан. Ойдуң аркылуу *Камчатка* д. агат. К-да 160тан ашык жанар тоо бар, алардын аракеттегиси 29; а. и. Евразиядагы эң бийик жанар тоо – Ключи сопкасы (бийикт. 4750 *м*). «Камчатканын жанар тоолору» *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген. Ысык булактар көп, 100дөн ашык гейзер бар (эң ирилери Гейзерлер ороонунда). К. тектон. жактан алып бүктөлүшүнө кирет. Палеозой, мезозой ж-а кайнозой замандарынын геосинклиналдык комплекстери таралган. Көмүр, алтын, күмүш, сымап, полиметалл ж. б. кендери бар. Минералдык (көмүр кычкылдуу, азоттуу ж. б.), термиялык (суусунун темп-расы 100°Сго жеткен) суу булактарына (гейзерге, кайнар көлдөргө, баткактуу жанартоолорго ж. б.) бай, алар негизинен Чыгыш кырка тоосунда жайгашкан. Климаты түштүгүндө деңиздик, борборунда ж-а түндүгүндө мелүүн континенттик. Февралдын орт. темп-расы батышында –15°С, чыгышында 11°С, борб бөлүгүндө –16°С; августтуку ошол эле тартипте 12°С, 12,5 ж-а 16°С. Жылдык жаан-

чачыны 600дөн 1100 *мм*ге чейин. Мөңгүлөрүнүн жалпы аянты 866 *км*². Ири дарыялары: Камчатка, Авача, Чоң дарыя, Ича ж. б. Көлдөрү көп, алардын айрымдары кратерлерде (Хангар ж. б.) ж-а жанартоо кальдераларында (Кроноцкий, Курил ж. б.) пайда болгон. Көп бөлүгүн чымдак-күл топурактуу кайың ж-а ийне жалбырактуу токой ээлейт; тоо капталдарына жапалак кедр, оёндоруна шалбаа, түндүгүнө мамык чөптүү тундра мүнөздүү. Кроноцкий коругу бар. Жарым арал – Россиянын балык ө. ж-нын негизги борборлорунун бири. Батыш жээги – краб кармалуучу негизги район. Камчатка д. аркылуу кеме каттайт. Негизги порттору: Петропавловск-Камчатский, Усть-Камчатск. Елизово ш-нда эл аралык аэропорт бар.

Ад.: *Кащинцев Б.* Камчатка сегодня и завтра. Петропавловск-Камчатский, 1970; *Мильков Ф. Н., Гвозоецкий Н. А., Михайлов Н. Н.* Физическая география СССР. Ч. 1–2. М., 1969–70; Развитие возобновляемых источников энергии в России: возможности и практика (на примере Камчатской области). М., 2006; Камчатский край // Большая Российская энциклопедия. Т. 12. М., 2008.

КАМЧА́ТКА (башатында – Көлдүү Камчатка) – Россиядагы дарыя, Камчатка обл-нда. Уз. 758 *км*, алабынын аянты 55,9 миң *км*². Ортолук кырка тоосунан башталат да, Борб. Камчатка ойдуңу аркылуу агып, Тынч океандын Камчатка булуңуна куят. Жер астындагы (35%), кар (34%), мөңгү (28%) ж-а жамгыр (3%) сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы төмөнкү агымында 921 *м*³/*сек*. Ноябрда тоңуп, апрель–майда ачылат; ысык булак чыккан жерлери тоңбойт. Чатынан 486 *км* аралыкка чейин кеме жүрөт. Сал агызылат. Лосось балыгы урук чачуучу жер. Балык кармалат. Чатында Усть-Камчатск порту жайгашкан.

КАМЧА́ТКА КРАЙЫ – Россия Федерациясынын субъектиси. Россиянын Азия бөлүгүнүн эң четки чыгышында, Камчатка ж. а-нда жайгашкан. Батышынан Охота, чыгышынан Беринг деңиздери ж-а түш.-чыгышынан Тынч океан м-н чулганат. Крайдын аймагына Командор ж-а Карагие а. да кирет. Ы. Чыгыш федерация округуна карайт. Край 2007-ж. 7-июлда Камчатка обл. м-н *Коряк автономия округу*нун биригишинен түзүлгөн. Аянты 464,3 миң *км*² (а. и. округдуку 292,6 миң *км*²). Калкы 347 миң (2007; округда 23,0 миң). Адм. борбору – Петропавловск-Камчатский. Адм.-айм. жактан 11 районго (округда 4), 3 шаарга, 6 шаарчага (2) бөлүнөт.

К. к-нын аткаруу органынын мамл. бийлигинин структурасы РФтин ж-а К. к-нын мыйзамынын негизинде губернатор тарабынан аныкталат.

Калкынын негизин орустар (80,9%) түзөт, о. эле коряктар (2%), ительмендер (0,6), камчадалдар (0,5), эвенктер (0,5), чукчалар (0,4), алеуттар (0,1), украиндер (5,8), беларустар (1), татарлар (1), корейлер (0,5), чуваштар (0,[illegible]), азерилер (0,4), армяндар, башкырлар, молда[illegible]ндар, немистер жашайт. Калкынын орт. жыш[illegible]ыгы 1 *км*² жерге 0,7 киши. Шаар калкы 79,6%. Ири шаарлары: Петропавловск-Камчатский, Елизово, Вилючинск.



Старчиков аралы.

Край Азиянын эң четки түн.-чыгышында, негизинен *Камчатка* ж. а. (1/2 бөлүгүнөн көбүрөөгү) м-н *Коряк бөксө тоосу*нун чегинде жайгашкан. Деңиз жээктери – дүйнөдөгү балыкка бай райондордун бири. Экол. абалы б-ча Россиядагы эң жагымдуу край. Крайдын табигый ландшафты – эң кооз. Рекреациялык ресурстары ар түрдүү. Ошондуктан аймагынын 7% и бальнеология ж-а туризм үчүн бөлүнгөн. Атм-рага абаны булгоочу заттардын бөлүнүп чыгуусу анча көп эмес. Жалпы коргоого алынган табигый аймагы 5,6 млн *га*, деңиз акватория коругу 3,8 млн *га*. Кроноцкий, Командор, Коряк коруктары, Түш.-Камчатка заказниги, 5 табият паркы, 140тан ашык табият эстеликтери бар. Крайдын коргоого алынган 5 табигый аймагы «Камчатка жанар тоолору» деген ат м-н *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. К. к-нан табылган археол. эстеликтер соңку палеолит дооруна таандык.

Край Ы. Чыгыш экон. районуна кирет. Ө. ж. продукциясынын көлөмү а. ч. продуктусунун көлөмүнөн 5,8 эсе жогору. Деңиз биоресурстарына (балыктын промыселдик түрлөрү, камчатка крабы) бай экендиги м-н башка крайлардан айырмаланат. Россияда баалуу металлдарды (алтын, платина) казып алуунун көлөмү б-ча да алдыңкы орундардын бирин ээлейт. Экон. активдүү калкы 205 миң (а. и. 13 миңи округда; 2006). Анын 90% и экономика жаатында эмгектенет. Ө. ж-нын көлөмү 23,6 млрд рубль, анын 51,5% ин (округда 28,8) өндүрүш, электр энергиясын бөлүштүрүү, газ м-н суу түзсө, 36,5% ин (23,2%) кайра иштетүүчү ишканалар, 11,2% ин (48,0%) кен байлыктарды казып алуу түзөт. Энергетика – крайда эң негизги тармактардын бири. ЖЭБдер (Петропавловск-Камчатскинин [illegible]аттуулугу 395 *МВт*), кичи ГЭС каскаддары [illegible]тейт. Геотермиялык энергетика өнүктүрүү [illegible]оору даярдалууда. Елизово р-нунда жылуу[illegible] м-н камсыз кылууда термиялык суулары [illegible]даланылат. Түстүү металлургия (алтын, [illegible]үш), машина куруу (негизинен кеме курууга [illegible] ремонттоого адистешкен), токой, жыгаччы[illegible]к (негизинен жыгач беленделет; о. эле чоң форматтагы ж-а жылмаланган фанералар) ө. ж. ишканалары иштейт. Балык кармалып беленделет (2006-ж. 350 миң *т* треска, 115 миң *т* лосось ж. б.). Ири ишканалары: «Океанрыбфлот», «Камчатрыбпром», «Акрос» (баары Петропавловск-Камчатскийде). Ири балык з-ддору иштейт. Сырткы соода жүгүртүүсү 201,2 млн АКШ долларын (2006;) түзөт; анын 144,0 млну экспорттон түшөт. Негизинен балык продуктусу, кара металл экспорттолот. Машина куруу, металл иштетүү, хим. ө. ж. үчүн продукциялар импорттолот. Негизги соода шериктери: Корея Респ., Япония, АКШ, Кытай.



Мутнов геотермиялык электр станциясы.

Табигый-климаттык шартынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу а. ч. жакшы өнүккөн эмес. А. ч. продукциясынын көлөмү 4097 млн рубль. Крайдын жеринин 0,2% и гана а. ч-га жарактуу. Анын 50% ин айдоо аянты (округда 0,1% тен аз) ээлейт. Жылыткычтарда жашылча өстүрүү өнүккөн. Картошко да айдалат. Бодо мал, чочко асыралат. Үй куштары багылат. Капаста кармалган айбанаттар, бугучулук өнүккөн. Аймактын рекреациялык ресурстары (өчкөн ж-а аракеттеги жанар тоолор, ысык ж-а муздак минералдуу суулар, гейзерлер) туризмдин өнүгүүсүнө түрткү болууда. Автомобиль жолунун уз. 1694 *км* (а. и. округда 130 *км*). Деңиз жолдору да өнүккөн. Негизги соода порттору: Петропавловск-Камчатский, Усть-Камчатск ж. б. Крайда 120дан ашык орто мектеп, 10 коллеж ж-а лицей, китепканалар, музейлер (а. и. этногр., саясий география, край таануу ж. б.), А. ч. ИИИ, гидрофизика, космофизика изилдөө ин-ттары, эл аралык аэропорту бар.

Ад.: *Аров В. Н.* Административно-территориальное управление Камчатским краем (1691–1917 гг.) //Вопросы истории Камчатки. Петропавловск-Камчатский, 2007. Вып. 3; Теория и практика научных исследований в рыбохозяйственной отрасли Камчатки. Петропавловск-Камчатский, 2007; Камчатский край // Большая Российская энциклопедия. Т. 12. М., 2008.

Р. Карачалова.

КАМЧЫ – ат чабуу, мал айдоо үчүн колдонулуучу жабдык. Ал сап, бүлдүргө, баш, алакан, чачы, өрүм, өзөк ж-а түшкүндөн турат. К. сап табылгы, четин ж-а ыргайдан тандап алынып, керектүү узундукта кесилип, көлөкөдө кургатылат. О. эле К. сап сөөктөн (эликтин шыйрагы териси ж-а туягы м-н кошо катырылат), мүйүздөн да жасалат. К-нын бүлдүргөсү бугунун же



а – сый камчы; *б* – жөнөкөй камчы; *в* – кыз-келиндер камчысы: 1– өрүмү; 2 – түшкүнү; 3– жез башы; 4 – алаканы; 5 – табылгы сабы; 6 – капталган булгаарысы; 7 – бүлдүргөсү.

кара малдын терисинен тилинип алынган ичке кайыштан даярдалып, эки учу бирдей кабатталып, К. саптын кармоочундагы көзөнөгүнөн өткөрүлүп, чие байланып түйүлөт. Ал К-ны колго кармап жүрүүгө же илип коюуга ылайыкталган. К-нын алаканын бекиткенде, камчыланганда К. саптын башы жарылбас үчүн ага сары же кызыл түстөгү жез түтүкчөнү кийгизет. Өрүм м-н өзөктүн башталышындагы көктүн учуна улаштырыла бекитилген калың булгаары алакан деп аталып, ал өрүмдү сапка бекитет. Өрүм, өзөк м-н алакандын бириккен жери жиксиз болуш үчүн жука кара булгаары м-н капталып, өрүм жагы чачыланып, кооздолот. К. 4–16 тарам ичке тилинип, сыдыргыга салынган көктөн өрүлөт. Өрүмдүн ичине салынган калың кайышы – өзөгү челденип, сыдыргыланып, жумурланат да, ийчиге (өрүүгө колдонулчу курал) керилип, анын сыртын каптай көк өрүлөт. Өрүм бүткөндө көктүн учу – өзөккө бекитилген учу түшкүн деп аталат. Жоокерчилик заманда чоң К-лардын түшкүнүнүн ичине өзөк м-н бирге коргошун салынып жасалган. К-лардын жоондугу анын узундугуна жараша болгон. К-нын чоң К., кичине К., асем К., уй мурун К., жылан боор К. ж. б. түрү болот.

КАМЧЫБЕКОВ Айты (1915, Ош обл., Өзгөн р-ну, Татты-Булак айылы – 2005, ошол эле жер) – дыйкан, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу (1941–45).



Эмгек жолун 1932-ж. колхозчу болуп баштаган. Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы «Куршаб» совхозунун талаачылык б-ча звено башчысы. Ал башкарган звено 1947-ж. 24 *га* аянттагы буудайдын ар гектарынан 31,6 *ц*ден түшүм жыйнап алган. Ленин ордени м-н сыйланган.

КАМЧЫБЕКОВ Төлөбек (12. 8. 1949-ж. т., Нарын обл., Кочкор р-ну, Чолпон айылы) – экономист, экономика илимд. доктору (2001), проф. (2002), КРдин билим берүүсүнүн отличниги (1999), КРдин эмг. сиң. экономисти (2005). Экономиканын теориясы ж-а эл чарбасынын экономикасы б-ча адис. Ташкент гидро-метеорология техникумун (1968), КМУну (1973), Кыргыз ССР ИА ЭИнин аспирантурасын (1980) бүткөн. Кыргыз ССР ИА ЭИнин ил. кызматкери (1973), КМУнун окутуучусу, декан (1977–92), КР УИА ЭИде бөлүм башчысы (1992), КР Монополияга каршы саясат б-ча к-тте бөлүм башчысы (1993), КР Финансы ж-а экономика министрлигинде бөлүмдүн начальниги (1993–95), Бишкек коммерциялык коллеждин директору (1995–99), 2003-жылдан КЭУнун ректору. 70тен ашуун ил. эмгеги, а. и. 3 монографиясы жарык көргөн.



Эмг.: Кадровое обеспечение малого и среднего предпринимательства (авторлош). Б., 2000; Экономическая теория. Метод. пособие (авторлош). Б., 2000; Закономерности развития и становления предпринимательства Кыргызской Республики при переходе к рыночной экономике. Б., 2001.

КАМЫР – нан, кесме, кондитер азыктарын ж. б. даярдоо үчүн ундан жуурулуп жасалган чийки азык. К. даярдоо ыкмасына жараша а ч ы г а н К., к а б а т т а л г а н К., б и с к в и т К-ы, ү б ө л ө н м ө К., к у р г а к К., к ө п ш ө к К. ж. б. болуп айырмаланат. Ачыган К-дан түрдүү нан азыктары (бөлкө, булочка, пирог, кекс ж. б.) жасалат. Адегенде жуурулчу К-дын унун элеп, андан кийин ага суу, туз, камыр туруш (к. *Ачыткы*), кээде сүт, айран, жумуртка, кант, май ж. б. кошуп жууруп, ийлеп, ачытат. Кесме, каттама, калама ж. б. тамак-аш жасалуучу К. ачытылбайт. К. наабайканада (нан, булочка ж. б.), макарон ж-а кондитер ө. ж-нда ар түрдүү азыктарды (кесме, пряник, печенье, торт ж. б.) жасоодо кеңири колдонулат. К-дын курамында белок, углевод, май, туз ж-а түрдүү абалдагы башка заттар көп болот. К-га ачыткы м-н туздан башка май, кант, жумуртка, жыттуу заттарды кошсо, алар нандын даамын, жытын ж-а аш болумдуулугун жакшыртат.

КАМЫШ (Scirpus) – ыраңдар тукумундагы бир же көп жылдык өсүмдүк уруусу. Гүлү кош жыныстуу, чатырча, шыпыргы, башча топ гүлгө чогулган. К-тын 250дөн ашык түрү, КМШ өлкөлөрүндө 25ке жакын, Кырг-нда 6 түрү белгилүү. Мелүүн зонада, сууда, көл, дарыя жээктеринде, сазда өсөт. Айрым түрлөрү (токой К-ы, түймөктүү деңиз К-ы ж. б.) – тоют өсүмдүү. Т о к о й К-ы – көп жылдык, тамыр-сабакты кыска, андан көп жалбырактуу өркүндөрүн чыгат. Сабагынын бийикт. 40–120 *см*, жалбырагы узун, тасма сымал, жазылыгы 2 *см*. Мөмөсү – жаңгакча. Токой ж-а тундра зоналарында таралган. Жаш өркүндөрүн бугу жакшы жейт. Т ү й м ө к т ү ү д е ң и з К-ы нымдуу жерде, сазда жакшы өсөт. Жер алдындагы өркүнүнүн учунда анча чоң эмес түймөктөрү болот. Баш ала электе чабылып, силостолот. Түймөктөрү желет. Шалы талаасында – отоо чөп. К ө л К-ы көп жылдык, сойлоп өсүүчү тамыр-сабактуу. Көлмө түбүндө жыш өсүп, тор сымал каптап калат. Ондатра, суу келемишине тоют. Сарай жабуу, жерге төшөө, кашаа кармоо ж. б-да кеңири колдонулат. Айрым жапыз өскөн түрлөрү кооздук үчүн өстүрүлөт.

КАМЫША́НОВКА – Чүй обл-нун Сокулук р-нундагы кыштак. Камышановка айыл округунун борбору. Деңиз деңг. 555 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сокулук кыш-нан 60 *км* түн. тарапта. Шопоков т. ж. бекетинен 65 *км*. Кыштак 1912-ж. негизделген. Калкы 1740 (2007); негизинен мал м-н алектенип, жашылча өстүрүүдө эмгектенет. Орто мектеп, ФАП, бала бакча, клуб, китепкана, ашкана бар. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КАМЫША́НОВКА БАТКАК КЕНИ Чүй обл-нун Сокулук р-нунда. Камышановка кыш-нын жанында, Чүй суусунун боюнда, деңиз деңг. 600 *м* бийикте жайгашкан. 1964-ж. табылып, 1965–66-ж. кендин батыш бөлүгү чалгындалган. Кен аймагы чым көңдүн тектирчеленген бир нече катмарынан түзүлгөн. Эң үстүндө калыңдыгы 0,4–0,7 *м* чым көң, астында кара түстөгү, илээшчек ылай аралашкан өтө чириген (99%) чым көң катмары жатат. Ылайлуу чым көң баткагы дарылык касиетке ээ. Анын калыңдыгы 1,5–2 *м*. Баткак аз минералдашкан (2,6 *г/л*), күкүрттүү суутек (H_2S) 23,7%ке жетет. Баткактын нымдуулугу 36–75%, кум м-н булганышы 0,02–0,2%. Кендин жалпы аянты 40 *га*. Чыгыш бөлүгүндөгү запасы 670 миң *т*. Баткак Бишкектеги дарылоо мекемелеринде ж-а Ысык-Ата курортунда кеңири пайдаланылат.

КАМЫША́НОВКА ЧЫМ КӨҢ КЕНИ Чүй обл-нун Сокулук р-нунда. Камышановка кыш-нан түн.-чыгышта, деңиз деңг. 545 *м* бийикте жайгашкан. Кен 1957–58, 1964, 1966-ж. изилденген. Чым көң катмары Чүй д-нын пролювий-аллювий чөкмөлөрүнөн турат. I–II тектирлер м-н байланышкан. Кендин жалпы аянты 149 *га*ны түзөт, орт. калыңдыгы 1,29 *м*, күрөң, мала күрөң түстө, начар ж-а орт. чириген. Күйгөндө 1200–3807 *ккал/кг* жылуулук берет. Чым көң жер семирткич катары пайдаланылат. Запасы C_1 категориясы б-ча 432 миң *т*.

КАМЫШ-БАШЫ – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нундагы кыштак. Сузак айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 750 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 7 *км* түн. тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 12 *км*. Калкы 1001 (2009); негизинен дыйканчылыкта эмгектенип, мал багат. Негизги мектеп бар.

КАМЫШ-БАШЫ – Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нундагы кыштак. Кызыл-Өзгөрүш айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 965 *м* бийиктикте жайгашкан. Райондун борбору Токтогул шаарчасынан 69 *км* түш.-чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 200 *км*. Калкы 1330 (2007); негизинен мал багат.

КАМЮ́ Альбер (7. 11. 1913, Алжир, Мондови айылы – 4. 1. 1960, Франция, Вильвблевен айылы) – фр. жазуучу ж-а философ-экзистенциалист. Нобель сыйл. лауреаты (1957). Каршылык көрсөтүү кыймылынын катышуучусу. «Бөтөн адам» (1944) повестинде жашоонун абсурддуулугу ж-дөгү тема козголот. «Чума» (1947) аттуу антифашисттик роман-икаясында адамдын эң жогорку эрдиги деп тиричиликтин маанисиздигине каршы күрөштү эсептеген. «Сизиф жөнүндө миф» (1942), «Жаалданган киши» (1951) филос. чыгармаларында, «Калигула» (1944) пьесасында дүйнөдөн четтеп калбоо үчүн жасалган курулай аракеттерди көргөзөт. К-нун чыг-лыгында гуманисттик ж-а индивидуалисттик карама-каршы тенденциялар камтылган.

Ад.: *Фокин С. Л.* А. Камю. Роман. Философия. Жизнь. СПб., 1999.

КАН – жаныбар ж-а адамдын *кан жүрүү системасында* тынымсыз айлануучу, клеткалардын жашоосу үчүн түркүн кызматтардын аткарылуусун камсыз кылган суюк ткань. Ал кычкылтекти дем алуу органдарынан ткандарга, кандан көмүр кычкыл газын дем алуу органдарына, азык-заттарды (глюкоза, амин к-тасы, май к-та, туз ж. б.) тамак сиңирүү органдарынан тканга, зат алмашуунун акыркы (керексиз) продуктуларын бөлүп чыгаруу органдарына ташыйт. О. эле гормон, ферменттерди иштелип чыккан жеринен активдүү таасир этүүчү жерге жеткирет. Организмдердин ички чөйрөсүнүн, дене темп-расынын туруктуулугун сактайт ж-а курамында антитело, антитоксин, лизиндин болушу ж-а ак кан денечелеринин микробду сиңирүүсүнүн натыйжасында коргонуу кызматын аткарат. Бир клеткалууларда ж-а көпчүлүк омурткасыздарда кычкылтек *диффузия* аркылуу денеге өтөт. Омурткасыздарда К. дем алуу пигментине жараша түссүз, көк ж-а кызыл болот. Омурткалуулардын К-ы кызыл болуп, плазма, эритроцит, тромбоциттен турат. Ар түрдүү жаныбарда К-дын өлчөмү ар башка. Мис., тишсиз моллюскалардын гемолимфасы денесинин 30%ин, курт-кумурскалардыкы 20%ин, омурткалуулардыкы 2–8%ин, адам денесинин 6,8%ин түзөт. Кандын 55%и суюк бөлүктөн – плазмадан ж-а 43% андагы формалуу элементтерден турат. К-дын курамындагы элементтердин туруктуулугун нерв-гумордук механизмдер жөнгө салып турат. Организмдеги ар кандай өзгөрүүлөрдү К. сезет. Анын курамынын өзгөрүшү бир катар ооруларга диагноз коюуда мааниси чоң. К а н п л а з м а с ы н ы н 90%и тамак сиңирүү системасынан келген суу, 7–8%и белок ж-а ар түрдүү туздардан турат. Плазмада, о. эле азык-заттар (углевод, май ж. б.), *витаминдер, гормондор, ферменттер* ж. б. бар. К-дын формалуу элементтери – эритроциттер, лейкоциттер ж-а тромбоциттер. Э р и т р о ц и т т е р – кызыл кан клеткалары. Организм м-н чөйрө ортосунда газ алмашууну, б. а. организмдин дем алуусун ишке ашырат. Аларда темирлүү пигмент гемоглобин болуп, ал К-га кызыл түс берет. Гемоглобин молекуласы белок – глобинден ж-а темири бар топ гемден турат. Дени сак организмде 1 *мкл* К-да 4–5 млн эритроцит болот. Анын санынын өтө азайышы, түзүлүшүнүн өзгөрүшү, гемоглобиндин төмөндөшү *аз кандуулуктун* мүнөздүү белгиси болуп эсептелет. Л е й к о ц и т т е р – ак кан клеткалары. Алар активдүү кыймылда болуп, кан агымынан чыгып, клетка арасында жылып жүрө алат. Денеге бөтөн зат киргенде же ал жабыркаганда, лейкоциттер майда кан тамыр клеткаларынан чыгып, жабыркаган жерди көздөй жылып, коргоо кызматын аткарат. Лейкоциттин саны ар бир кишиде 1 *мкл* К-да 4000–9000ге жетет. Андан ашып кетсе – лейкоцитоз, азайса лейкопения деп аталат. Т р о м б о ц и т т е р – кан пластинкалары, ядросуз түзүлүш. Анын кан агууну токтотууда мааниси чоң. Кырсыкка учураган жерде кан уюп, акпай калат. *Кан агууда*, операциядан кийин коргонуу реакциясы катары тромбоциттердин саны көбөйөт. Кээ бир дарыны көтөрө албаганда, хим. зат м-н ууланганда, тромбоциттердин саны азайышы мүмкүн. Мындай учурда *кан агууну* токтотуу кыйындайт.

Ад.: *Чижевский А. Л.* Структурный анализ движущейся крови. М. 1959; *Семенов Н. В.* Биохимические компоненты и константы жидких сред и тканей человека. М., 1971; *Власов Ю. А., Окунева Г. Н.* Кровообращение и газообмен человека. 2-е изд. Новосиб., 1992. *А. Раимжанов.*

КАН – Кокон хандыгынын чебинин калдыгы. Баткен р-нундагы Дара капчыгайында, Кан айылынын этек жагында, Сох суусунун оң жээгиндеги бийик тектирчеде жайгашкан. Жерг. калк-



Кан кокон чеби.

ка Кудаяр хандын чеби катары белгилүү. 19-к-дын орто ченинде курулуп, дубалдары *паксадан* тургузулган. Кокон хандыгынын мезгилинде бажыкана ж-а айланасындагы көчмөн калктан зекет чогултуучу жер катары кызмат кылган. Анда Кокон хандыгына каршы көтөрүлүштөрдү басуу үчүн гарнизон турган. Сакталып калган дубалынын бийикт. 2–2,7 *м* (алгачкы бийикт. 3,2 *м*), дубалынын жазылыгы түбү 0,8 *м*, үстү 0,3 *м*. Дубалдарында (0,7 ж-а 1 *м* бийикте) 2 катар чакмак тартибинде жайгашкан ок атуучу тешиктери болгон. Чептин түш. бөлүгү чарбалык иштер үчүн курулса керек, түн. бөлүгүнүн бурчтарында ж-а ортосунда мунаралар тургузулган мунаралар чептин түш. бөлүгүнөн түн. бөлүгүнө киши өткөрбөй тосуп турган. Чептин ортосунда дубалга жанаша салынган таш пайдубал сакталган. Түн.-батыш бөлүгүндө төрт бурчтуу 3 курулуштун калдыктары бар. Чептин ичинде дубалга жабыштырыла салынган үйлөр болгон. О. кылымга ж-а Кокон мезгилине мүнөздүү карапа сыныктары табылган. Чепти археологдор М. Э. Воронец, Т. Г. Оболдуева, Ю. Д. Баруздин, Ю. А. Заднепровский ж-а Д. Ф. Винник изилдеген.

КАН, Канн, Канны – Франциядагы шаар. Прованс – Альпы – Күнөстүү Жээк регионунда, Жер Ортолук деңизинин жээгинде жайгашкан. Калкы 108,0 миң (2008). Франциядагы Парижден кийинки 2-туристтик борбор. Жолдор тоому.

Деңиз жээгиндеги курорт пляжы.



Порт (соода ж-а сейил кемелерин кабыл алат). Аэропорту (өлкөдөгү эң ири) бар. Деңиз климаттык курорт (Күнөстүү Жээк курортунун курамына кирет). Алгач 10-к-дан эскерилет. Курорт катары 9-к-дын башынан белгилүү. 20-к-дан туризмдин борбору катары өнүгүүдө. Климаты жер ортолук деңиздик субтропиктик, кы[illegible] жумшак, күнөстүү (январдын орт. темп-[illegible] 9°С), жайы кургак, жылуу (июлдуку 23°С). [illegible]лдык жаан-чачыны 600 *мм*. Жыттуу эссен[illegible] чыгаруу өндүрүшү иштейт. Шаардын эски [illegible]гүндө сепилдер (12-к.), чеп дубалдардын кал[illegible]ктары (14-к.), кароол мунарасы, собор, хра[illegible]кталган. Музейлер (этнология, деңиз) бар. [illegible]ардын экономикасынын негизин тейлөө чөйр[illegible] түзөт. К-да көптөгөн көргөзмөлөр, симпозиумд[illegible], конгресстер ж. б. иш-чаралар, жыл сайын үн жазуунун ж-а муз. чыгармалардын эл аралык көргөзмөлөрү ж-а кинофестивалдар (1946-жылдан) өткөрүлүп турат. Гүл өстүрүүчүлүк өнүккөн.

КАНААТ ШАА (т. ж. б. – 1863, өлгөн жери белгисиз) – Кокон хандыгынын аскер башчысы, Түркстан ш-нын акими (1846–47). Кокон хандыгынын Ташкенттеги бийлигине моюн сунуудан баш тартып, Бухара хандыгына кетүүгө аргасыз болгон. 1850-жылдардын аягы – 60-жылдын башында Коконго кайтып келип, Ташкент ш-нын акими катары бул хандыктын саясий турмушунда көрүнүктүү орун ээлеген. 1860-ж. августта орус аскерине таянган чүйлүк кыргыздар Токмок ж-а Пишпек чебин Кокон хандыгынан бошотуп алганда, К. Ш. аскерлери м-н Ташкенттен келип, бул чептерди кайрадан караткан. К. Ш. Пишпекти алгандан кийин Үч-Алматыдан (азыркы Алматы аймагы) орус аскерин кууп чыгуу үчүн Узун-Агачтын жанында салгылашта (1860-ж. 18-октябрь) жеңилип, Пишпекке чегинген. Бул чепте ал 1860-жылдын акырына чейин болгон. Молдо Нияз Мухаммед Хокандинин «Тарих-и Шахрухи» эмгегинде К. Ш-нын аталык деген чини болгондугу айтылат. Мусулман жыл санагы (хижра) б-ча 1279-ж. (1862–63) К. Ш. Кудаяр хандын тапшырмасы м-н Бухара хандыгына барып, ошол жерден өлтүрүлгөн.

Ад.: Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 2. Б., 2003. *Э. Турганбаев.*

КАНА́ВА – кендерди издөөдө, чалгындоодо, казып алууда кенташтын үстүндө жаткан тектерди тазалоочу казма. Арык сыяктанып казылат да, кенташ ачылып калат. Туурасы бир нече *см*ге, уз. ондогон, жүздөгөн *м*ге жетет.

КАН АГУУ – кан тамыр капталы жабыркаганда же айрым оорулардан бузулганда кандын кетиши. К. а. тамырдын түрүнө жараша артериялык, веналык, капиллярдык ж-а аралаш болуп бөлүнөт. К. а. жараат алган кан тамырдын капталына ж-а жоондугуна жараша болот. Ири, айрыкча артерия кан тамырдан К. а. бир

нече минутада эле өлүм коркунучун туудуруучу кансыроого алып келет. Кандын уюшу бузулганда оорулууда кичине эле жарааттан кандын агышы узакка созулат ж-а өмүргө коркунуч келтирет. Кан жараат аркылуу сыртка же кандайдыр бир органга (карын, ичеги, мээ ж. б.), [illegible]дөйгө (плевра, көөдөн ж.б.), о. эле ткандар [illegible]ына агып чогулушу (гематома) ыктымал. [illegible]риялык К. а-да кан ачык кызыл болуп, [illegible]ка атырылып агат, венадан аккан кан [illegible]түксүз бир калыпта кетип, кочкул түстө [illegible]т. Ички органдар (боор, көк боор, өпкө ж.б.) [illegible]дар болгондо кан ички көңдөйлөргө куюл[illegible]. Анда кансыроо коркунучу туулуп, өң кучарып, ал кетип, суусайт, тамыр тез-тез кагат, кан басымы төмөндөйт, уйку келет, көз караңгылайт. Канды көп жоготуу эстен танууга алып келет ж-а өмүргө коркунучтуу. Көкүрөк көңдөйүнө кан куюлганда, жогорудагы белгилер м-н бирге дем алуу кыйындап энтигет. Кан баш көңдөйүнө акканда мээнин кысылышынан акыл-эс, дем алуу бузулуп, шал болуу, нервдик өзгөрүүлөр байкалат. Кан тамыры *атеросклероз* болгон ж-а гемофилия м-н ооруган адамда К. а. көпкө созулуп, аны токтотуу кыйын. К. а-ну токтотуу чаралары анын пайда болуу себебине жараша жүргүзүлөт. Анда физ., биол. ыкмалар ж-а дары-дармек колдонулуп, К. а. убактылуу же биротоло токтотулат. Убактылуу токтотуу жапа чеккен кишини кансыроодон сактайт ж-а биротоло токтотууга чейин көрүлөт. Ага буугуч м-н байлоо, кан тамырды ичкертүүчү дарыларды берүү, муз басуу ж. б. кирет. Биротоло токтотууда хирург. жол м-н кан тамыр байланып, жарадар болгон орган тигилет же алып ташталат. О. эле канга аралжы суюктуктар, канды уютма дарылар куюлат.

КАНА́ДА (англ. – Canada; фр. – Le Canada) – Түн. Америкадагы мамлекет. Материктин түн. бөлүгүн ж-а ага жакын жайгашкан көптөгөн аралдарды – Ванкувер, Шарлотта канышасы (батышында), Канадалык Арктика архипелагы (түн-



дүгүндө), Ньюфаундленд, Антикости, Эдуард канзадасын (түш.-чыгышында) камтыйт. Түш.-батышынан Тынч океан, түндүгүнөн Түн. Муз океан ж-а анын Бофорт деңизи, чыгышынан Атлантика океаны ж-а анын деңиздери – Баффин, Лабрадор, о. эле Гудзон булуңу м-н чулганат. Жээк сызыгынын уз. 243 миң *км* (аралдардын жээктерин кошо; дүйнөдөгү эң узун жээк). Түштүгүндө ж-а түн.-батышында кургактык аркылуу АКШ м-н чектешет (чек арасынын уз. 8,9 миң *км*, а. и. Аляска м-н 2,5 миң *км*).

Аянты 9984,7 миң *км*² (а. и. ички сууларыныкы 891,2 миң *км*²); аянты б-ча дүйнөдө Россиядан кийинки 2-орунда. Калкы 33,1 млн (2008). Борбору – Оттава ш. Расмий тилдери – англис ж-а француз тилдери. Акча бирдиги – канада доллары. К. – 10 провинциядан ж-а федерацияга баш ийген 3 аймактан турган федерация (к. таблицаны).

Администрациялык-аймактык бөлүнүшү (2008)

Адм. бирдиктери	Аянты, миң *км*²	Калкы, миң адам	Адм. борбору
Провинциялары			
Альберта	642,3	3416,0	Эдмонтон
Британ Колумбиясы	925,2	4190,0	Виктория
Жаңы Шотландия	53,3	7657,4	Галифакс
Квебек	1365,1	914,4	Квебек
Манитоба	553,6	1158,2	Виннипег
Нью-Брансуик	71,4	729,2	Фредериктон
Ньюфаундленд ж-а Лабрадор	373,9	502,0	Сент-Жонс
Онтарио	917,7	12442,8	Торонто
Саскачеван	591,7	962,7	Режайна
Эдуард канзада аралы	5,7	135,9	Шарлоттаун
Аймактары			
Нунавут	1936,1	30,6	Икалуит
Түндүк-Батыш аймак	1183,1	43,1	Йеллоунайф
Юкон	474,4	31,0	Уайтхорс

К. – БУУга (1945), ЭВФке (1945), Эл аралык реконструкция ж-а өнүгүү банкына (1945), НАТОго (1949), ЕККУга (1973), Азия – Тынч океан экон. кызматташтыгына (1989), Америка өлкөлөрүнүн уюмуна (1990), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна (1995) мүчө.

Мамлекеттик түзүлүшү. К. – федерациялык мамлекет. Негизги документи Британдык Түн. Америка ж-дө акт (1867, 1871, 1886, 1907, 1915), Конституциялык акт (1982) ж-а Вестминстер статуту (1931) эсептелет. Башкаруу формасы – конституциялык монархия. Мамлекеттин расмий башчысы – британдык монарх (1952-жылдан Елизавета II Канада королевасы титулуна да ээ). Анын милдетин Англия королу К. премьер-министринин кеңеши м-н дайындаган генерал-губернатор аткарат. Мыйзам чыгаруу бийлиги монархка ж-а эки палаталуу парламентке таандык. Төмөнкү палата – Общиналар палатасы. Общиналар палатасынын депутаттары жалпы шайлоодо 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Жогорку палата – Сенат. Сенаторлорду премьер-министрдин кеңеши б-ча генерал-губернатор региондордон дайындайт. Аткаруу бийлиги

монархка таандык болгону м-н өкмөт – министрлер кабинети иш жүзүнө ашырат. Министрлер кабинетин премьер-министр башкарат. Ал Общиналар палатасындагы көпчүлүк орунду ээлеген партиянын лидерин дайындайт. Өкмөт Общиналар палатасынын алдында жооптуу. Провинцияларды башкаруу лейтенант-губернаторлор тарабынан ишке ашырылат. Аларды провинциялык өкмөттүн сунушу б-ча генерал-губернатор дайындайт. Провинцияларда бир палаталуу мыйзам чыгаруу жыйыны иштейт. Жерг. өз алдынча башкаруу органдарына графтык ж-а округдук кеңештер, муниципалитеттер кирет. К-да негизинен көп партиялуу система орун алган. Саясий партиялары – Либералдар партиясы, Консерваторлор партиясы, Квебек партиясы, Жаңы демокр. партия.

Табияты. Жээктери түн. ж-а түн.-чыгышында түздүктүү ж-а бир аз тилмеленген (айрыкча Гудзон булуңунун жээктери), чыгышында тик, негизинен фьорддуу (Баффин Жери а., Лабрадор ж. а., Ньюфаундленд а.), батышында тоолуу, булуңдар – фьорддор м-н терең тилмеленген. К-ның аймагынын басымдуу бөлүгү түздүктүү рельефи м-н өзгочөлөнөт; батышында жазылыгы 1000 *км*ге жеткен К. Кордильерасы тоолуу тилкеси (Түн. Америка Кордильерасынын бир бөлүгү) созулуп жатат. Бардык жеринде антропогендик муз каптоонун издери кеңири таралган. Азыркы көп жылдык тоң тоо тектери өлкөнүн жарымына жакын аймагын ээлейт. Түндүгүндөгү көп жылдык тоң текши каптаган зонадагы анын калыңдыгы 400 *м*ге жетет. Өлкөнүн түн. четинде жайгашкан *Канадалык Арктика архипелагынын* көптөгөн аралдары кысыктардын татаал системасы м-н бөлүнүп, негизинен добо-түздүктүү рельеф (Банкс, Виктория ж. б. аралдарга) мүнөздүү. Архипелагдын чыгыш бөлүгүнүн аралдары негизинен тоолуу (бийикт. Элсмир а-нда 2926 *м*ге жетет) ж-а моңгулуу (Элсмир, Баффин Жери, Девон, Аксель-Хейберг ж. б.). Материктин зор бөлүгүн, Лабрадор ж. а-н кошо *Лаврентий дөңсөөсү* ээлейт; ага доболуу рельеф (орт. бийикт. 200–500 *м*), арасында бийикт. 900–1000 *м*ге жеткен калдык дөңсөөлөр кездешет. Моңгүнүн аракетинен пайда болгон рельефтин формалары (кой мандай таштар, друмлиндер ж. б.), о. эле көлдөр ж-а саздар кеңири таралган. Лаврентий дөңсөөсүнүн батыш ж-а чыгыш чет-жакаларында ири көлдөр – *Чоң Аюулуу көл, Чоң Эрксиз көл, Атабаска көлү, Виннипег, Жогорку көл, Гурон* ж. б. жайгашкан; алар негизинен моңгү-тектон. ж-а моңгүнүн аракетинен пайда болгон көлдөр. Гудзон булуңунун түш.-батыш жээгинде жазылыгы 500 *км*ге жеткен өтө саздуу, тегиз түздүк жайгашкан. Канада Кордильерасынын чыгыш этеги м-н Лаврентий дөңсөөсүнүн аралыгында К-ның Ички түздүктөрүнүн тилкеси *(Улуу түздүктөрдүн* түн. бөлүгү) созулуп, батыштан чыгышты карай 1000 *м*ден 200 *м*ге чейин жапыздайт. Катмарлуу түздүктөр, куэста тоолдары, дөбө-дөңсөөлөр кеңири таралган; К. Кордильерасынын этек тоолоруна эрозиялык тилмеленүүгө өтө дуушарланган бийик түздүктөр, айрым жерлерине *бедленддер* мүнөздүү. Өлкөнүн түш.-чыгышын ээлеген Түн. Аппалачи тоолорунун (бийикт. 1268 *м*ге чейин, Нотр-Дам чокусу) ж-а Ньюфаундленд а-нын рельефинде денудациялык түздүктөр, дөңсөөлөр ж-а бөксө тоолор (бийикт. 500–800 *м*) басымдуулук кылат. Эң түштүгүндө Онтарио ж. а-нын куэста түзүлүштөгү түздүктөрү жайгашкан. К. Кордильерасы тоолуу алкагына эрозиялык терең тилмеленүү, реликт ж-а азыркы тоо-моңгү рельефинин формалары мүнөздүү. К. Кордильерасынын орографиясына негизинен узатасынан созулган 3 зона мүнөздүү: батыш зонасы – *Ыйык Илья тоолору* (бийикт. 5951 *м*ге чейин, Логан чокусу – К-ның эң бийик жери), *Жээк кырка тоолору* (3994 *м*, Уоддингтон чокусу); К. Кордильерасынын Ички платолорун – денудациялык Юкон, лавалуу Фрейзер ж-а Нечако платолорун камтыйт; чыгыш зонасын – Маккензи ж-а Аскалуу тоолору түзөт (3954 *м*, Робсон тоосу).



Ыйык Лаврентий.

К-ның басымдуу бөлүгүнүн аймагын байыркы *Түндүк Америка платформасынын* түн. бөлүгү ээлейт. Платформанын кембрийге чейинки кристаллдык фундаменти анын борб. ж-а чыгыш бөлүктөрүндө жер бетине чыгып, *Канада калканын* түзөт. Ал чыгышынан каледон (Түн. Аппалачи), түндүгүнөн Иннуит бүктолүү структуралары (Канадалык Арктика архипелагынын түн. аралдары) м-н чектешет. Өлкөнүн батышындагы К. Кордильерасы мезозой-кайнозой тектон. структурасына таандык. К. түрдүү кен байлыктарга бай: цинк (жалпы запасы б-ча дүйнөдө Австралиядан кийинки 2-орунда), вольфрам (Кытайдан кийинки 2-орунда), уран (Австралия, Казакстандан кийинки 3-орунда), коргошун (Австралия, АКШ, Казакстандан кийинки 4-орунда), нефть (Сауд Арабиясынан кийинки 2-орунда), газ, никель, жез, темир, алтын, калий тузу, молибден, алмаз ж. б.

К-ның аймагынын басымдуу бөлүгү субарктика ж-а мелүүн климаттык алкактарда, түн. четинде гана арктика алкагында жайгашкан. Климаттын сезондуулугу даана байкалат, батыштан соккон аба массасы үстөмдүк кылат, аба ырайы кескин өзгөрүп турган циклондук аракет мүнөздүү. Арктика аба массасы чыгыштагы түздүктүү аймактарга зор таасир тийгизет, ага о. эле курсагынкка терең (50–51° түн. кендикке чейин) кирип турган Гудзон булуну да оболго түзөт. Январдын орт. темп-расы Канадалык Арктика архипелагынын түндүгүндө –35°Сден Атлантика жээктеринде –7...–12°Сге, Тынч океан жээктеринде 0–4°Сге чейин; июлдун орт. темп-расы жогорку тартипте 4°С, 18–21°С, 13–15°С. Аскалуу тоолордун этектеринде (Маккензи өрөөнүндө) жайкы темп-ра ошол эле кендиктердеги чыгыш аймактардан 2–6°Сге жогору. К. Кордильерасынын түш. бөлүгүндөгү деңиз таасиринен алыс жайгашкан тоо аралык өрөөндөрдө ж-а этек тоолордо сутка ичиндеги орт. темп-ра 32°Сден жогору болушу мүмкүн. Жаанчачын мол жааган жерлери – Тынч океандын жээги (2500 *мм*) ж-а Атлантика жээгиндеги аймактар (1000–1200 *мм*), калган жерлеринде 500 *мм*, арктика аралдарында 150 *мм*ден аз. Кар катмары өлкөнүн бардык аймагында байкалат, калыңдыгы 150 *см* ж-а андан ашат (Лабрадор ж. а-нда). К-ның 70%ке жакын аймагы а. ч. өсүмдүктөрүнүн бышып жетилүү чегинен түн. тарапта жайгашкан; бирок түш. аймактарында арктика абасы киргенде үшүк жүрүшү, о. эле түш.-чыгышындагы түздүктөрдө кургакчылык болушу да мүмкүн. Азыркы муздуктарынын жалпы аянты 195 миң $км^2$, анын 146,5 $км^2$и Канадалык Арктика архипелагында. Тоо моңгулору Ыйык Илья, Жээк ж-а Аскалуу тоолордо жайгашкан. Дарыя тармактары жыш. Алар негизинен кар-жамгыр сууларынан куралат, түздүктөрүндө суусу жазында кирип, Кордильерада жайында ташкындайт. Дарыяларын түштүгүндө 2,5–3 ай, түндүгүндө 8–9 ай муз каптайт. К-ның жеринин $^2/_3$син түзгөн түздүктүү аймагы Атлантика ж-а Түн. Муз океандарынын алаптарына кирет. Мында татаал көл-дарыя системасы түзүлүп, зор аймакта агымды пайда кылат. Алардын ирилери: Ыйык Лаврентий д. Улуу көлдөр м-н кошо (К-га анын акваториясынын $^1/_3$и гана таандык), жалпы уз. 3 миң *км*ден ашык; Финли – Пис-Ривер – Эрксиз – Макензи д. Кичи Эрксиз, Атабаска, Чоң Эрксиз көлдөрү м-н кошо; Боу – Саскачеван – Нельсон д. Боу, Сидар, Виннипег, Виннипегосис, Манитоба, Кросс көлдөрү м-н кошо. Тынч океандын алабына кирген тоолуу батыштын дарыялары адатта кыска, өрөөндөрү кууш ж-а терең; ирилери – Фрейзер ж-а жогорку агымдары К-га таандык – Юкон, Колумбия дарыялары. К-ның тоо ж-а түздүк дарыялары кеме каттоого негизинен ыңгайсыз, бирок суу энергиясына бай. Өлкөнүн жалпы гидроэнергетикалык потенциалы 50–65 млн *кВт* чамасында, анын 25 млн *кВт*тан ашыгы пайдаланылат. Бардык дарыяларынын жылдык агымынын көлөмү 1207 $км^3$. Көлдөрдүн көптүгүнөн дарыя агымдары жакшы жонго салынган. 200дөн ашык ири көлү бар. Түздүктөгү көлдөр негизинен реликт, моңгүнүн аракетинен же моңгү-тектон., тоо көлдөрү – тектон. ж-а моңгү-тектон. кыймылдардан пайда болгон.



Элсмир аралы.

Өлкөнүн түн. четин (Канадалык Арктика архипелагынын түн. аралдарын) ээлеген арктикалык чөл зонасында сейрек эңилчек ж-а айрым чөп өсүмдүктөрү өсөт. Ал түштүгүрөөктө мамык чөп-эңилчектүү ж-а мамык чөп-бадалчалуу тундра зонасы м-н алмашат. Тундра зонасы Канадалык Арктика архипелагынын түш. аралдарын ж-а материктик жээкти ээлейт. Андан түштүктө Кордильеранын этегинен Атлантиканын жээгине чейин тоң-тайга, көбүнчө таштак топуракту токойлуу тундра ж-а сейрек токой зонасы созулуп жатат. Токойлуу тундра түштүктө күл, айрым жерлеринде саз топуракту, ак ж-а кара карагай, америка кара карагайы (лиственница), Банкс кызыл карагайы, бальзам көк карагайы басымдуулук кылган тайга зонасы м-н алмашат. Борб. аймагынын түштүгүн токойлуу талаа ж-а талаа зоналары ээлейт; алардын түндүгүнө парк сымал таралган байтеректүү токой мүнөздүү, түштүгүндө кургак талаа өсүмдүктөрү (ак кылкан, грам чөбү) басымдуу. Бул аймактагы күрдүү токойдун боз, шалбаанын кара, кара ж-а каштан топурактары а. ч-нда кеңири пайдаланылат. Талаа зонасынын жарымынан ашыгы айдалат. Өлкөнүн түш.-чыгыш чет-жакасында, тайгадан түштүгүрөөк күл ж-а токойдун конур топурактары мүнөздүү ийнежазы жалбыректуу токой зонасы жатат. Мында токой салыштырмалуу жетүүгө татаал жерлерде (Аппалачи дөңсөөлөрүндө) сакталган, ал эми күрдүү топурактуу түзөң аймактары (Ыйык Лаврентий д-нын түздүктүү өрөөнү ж-а Онтарио ж. а.) а. ч-нда пайдаланылат же курулуш текши ээлейт. Кордильера тоолоруна топурак, өсүмдүктөрдүн бийиктик алкактуулугу мүнөздүү. Түндүгүндө өрөөндөрдүн тоо-тайга токою тоо капталдарында тоо-тайга сейрек токою м-н ал-

машып, андан жогору тоо тундрасына өтөт. Түштүктө, ички тоолуу аймактарда өрөөндөр тоо талаасы м-н капталган, ал өйдө карай тоонун токойлуу талаасы (парк токойлору), тоонун ийне жалбырактуу токою, субальп ийне жалбырактуу токою ж-а альп шалбаасы зоналары м-н алмашат. Кордильера тоолорунун Тынч океанды караган капталдары этегинен кырларына чейин бийик өскөн жээк токойлору (бийик туя, батыш гемлогу, дугласия көк карагайы, ситхин карагайы, бийик көк карагай ж. б. өтө продуктулуу түрлөрү) м-н капталган. Токой өлкөнүн жалпы аянтынын $^1/_3$ бөлүгүнөн ашыгын, ал эми ө. ж-лык мааниси бар баалуу токой $^1/_4$ин ээлейт. Канадалык Арктика архипелагын ж-а материктин тундра зонасын карибу бугусу, мускус бодосу, ак аюу, көгүш түлкү, лемминг, арктика коёну, тундра чили, уюл үкүсү, тайганы, о. эле токойлуу тундраны багыш, токой бугусу, бизон, кызыл тыйын чычкан, абырган, чүткөр, коён, суусар, аюу, сүлөөсүн, кызыл түлкү, карышкыр, куну, өлкөнүн чыгыш бөлүгүндөгү ийне-жазы жалбырактуу токойду виргиния бугусу, уапити бугусу, суур, коён, жанат, боз тыйын чычкан, кызыл сүлөөсүн, түштүктөгү токойсуз аймактарды бугу, айры мүйүз антилопа, тыйын чычкандар, кандек чычкан, ач күсөн, талаа түлкүсү, кашкулак, койот мекендейт. Кордильера тоолорунда айбанаттардын бийик тоолордо жашаган түрлөрү басым-



Вуд-Баффало улуттук паркындагы токой бизондору.

дуу: тоо теке, тоо эчки, гризли аюусу, пума. Дарыялары, көлдөрү, о. эле жээк суулары балыкка бай.

К-нын өсүмдүктөр ж-а жаныбарлар дүйнөсү ландшафттын антропогендик өзгөрүүсүнөн кыйла жапа чеккен (айрыкча өлкөнүн түштүгү). 21-к-дын башталышында өлкөнүн 25%ке жакын аймагынын табияты өзгөрүүгө дуушарланган. Экол. эң татаал кырдаал Онтарио ж. а-нын түздүктөрүндө ж-а Ыйык Лаврентий д-нын өрөөнүндө түзүлгөн, анткени ал жерлерде К-нын калкынын $^1/_2$и жашап, эң ири шаарлары ж-а негизги ө. ж. борборлору орун алган. Мындагы табигый жазы жалбырактуу токою а. ч. өсүмдүктөрү ж-а курулуш м-н алмашкан. Эң актуалдуу проблема – атмосферанын, суунун ж-а топурак кыртышынын булганышы; ага кислоталуу жаан-чачын да кошулат, анын жарымы АКШнын чыгыш аймактарынан келет. Кен суусунун булгануусу, балыкты ашыкча кармоо ж-а анын урук таштоо жайынын бузулушу, жүткыч миноганын каналдар системасы аркылуу таралып, баалуу промыселдик балыктарды (килингир, сига) жеп салышы Улуу көлдөрдүн ихтиофаунасынын жалпы деградациясына алып келди. Натыйжада суу жээктеринде жашаган жаныбарлар популяциясы (кундуз, америка суу суусары) кыскарып, куштардын көп түрлөрү жоголуп кетти. Атлантиканын жээк сууларынын булганышы деңиз балыкчылыгынын өнүгүүсүнүн негизин түзгөн – тресканын азайышына өбөлгө түздү. Урбанизациянын күчөшүнөн калкты ичүүгө жарамдуу таза суу м-н камсыз кылуу проблемасы пайда болду. Тайгадагы негизги экол. проблема – жыгач даярдоого ж-а к-талуу жаан-чачынга байланыштуу токой массивдеринин деградациясы. Кордильера тоолорундагы бийик өскөн дарактардан жыгач көп даярдалгандыктан, токой аянты кескин кыскарууда. Өлкөдө жылына 100 млн $м^3$ жыгач даярдалат. Тоо этегиндеги талааларда ландшафттын антропогендик өзгөрүүлөрү басымдуулук кылат. Мында айдоо жердин 60%и, жайыттын 80%и жайгашкан, кен казылып алынат, ири шаарлар жайгашкан, көптөгөн транспорттук коммуникациялар ж-а куурлар өтөт. Кургакчыл климаттын ж-а антропогендик жогорку басымдын шартында топурак кыртышынын эрозиясы, курулуш ж-а коммуникация үчүн тартып алынган күрдүү жерлерди жоготуу экол. жактан өтө коркунучтуу. Канадалык Арктикада жерг. элдердин салттуу промысели (балык кармоо, деңиз промысели ж-а бугу чарбасы) үчүн экол. коркунучту атмнын жалпы циркуляциясынын натыйжасында жааган радийактивдүү заттар, о. эле тирүү организмдердин ткандарында топтолгон орг. туруктуу булгагычтар түзөт. 1970-ж. кабыл алынган Арктика сууларын коргоо законуна ылайык нефть-газ кендерин казып алуу токтотулгандыгына ж-а Канадалык-Арктика архипелагынын кысыктары аркылуу нефть м-н газды ташууга тыюу салынгандыгына карабастан, али да болсо деңиз сууларынын нефть продуктулары м-н булгануу коркунучу бар; анын үстүнө Маккензи д-нын өрөөнүндө да нефть кендери өздөштүрүлүп жатат. К-нын коргоого алынган табигый аймагы кургактыктын 98,3 млн *га*сын, жээкке жакын деңиз акваториясынын 3,8 млн *га*сын ээлейт (2005); а. и. өлкөнүн аянтынын 7%и улуттук ж-а провинциялык парктарга таандык. Коргоого алынган ири аймактардын көбү түн. тарапта жайгашкан; аларга Баффин Жериндеги Вуд-Баффало (дүйнөдөгү ири парктардын бири), Ауюиттук (аянты 2 млн *га*дан ашык), Түн. Юкон (1 млн *га*), Аскалуу тоолордун Тынч океандык капталындагы Йохо улуттук парктары кирет. Аянты эң чоң – Райдинг-Маунтин (1,332 млн *га*), Саутвест-Нова (1,546 млн *га*), о. эле 2000-жылдарда уюшулган Гурон көлүнүн жээгиндеги Жоржия бухтасы, өлкөнүн атлантикалык бөлүгүндөгү Фанди ж-а Макуаган-Мишка резерваттары ЮНЕСКОнун 15 биосфералык коругуна кирет. *Бүткүл дүйнөлүк мурастык* тизмесине Вуд-Баффало, Наханни, Мигуаша, Грос-Морн улуттук парктары, Дайносор провинциялык паркы, Канада Аскалуу тоолорунун парктары, о. эле АКШнын аймагында жайгашкан – Клуэйн, Врангель тоолору, Ыйык Илья тоолору, Глейшер-Бей парктары ж-а резерваттары, Уотертон-Глейшер эл аралык тынчтык паркы кирген. К. экол. коопсуздук, токой ресурстарын пайдалануу ж-а башкаруу б-ча эл аралык эрежени түзүү, деңиз чөйрөсүн ж-а жээк зоналарын коргоо б-ча маселелерди эл аралык деңгээлде курч коюуда.

Калкы. К-нын калкынын этностук курамы ж-дө к. *Канадалыктар* макаласын. 1901–2001-ж. К-нын калкы дээрлик 6 эсеге (5,4 млндон 31,0 млнго чейин) өскөн. Ошого жараша ж-а иммигранттардын көбөйүшүнө (20-к-да 50%ке өскөн) байланыштуу төрөлүүнүн саны да өскөн (1950-жылдардын 1-жарымында 1000 адамга 28,0 бала). 1970-ж. төрөлүүнүн азайышынан (1971-ж. 1000 адамдан 16,8 бала төрөлсө, 2007-ж. 1000 адамдан 10,8 бала төрөлгөн) калктын табигый өсүүсү да төмөндөгөн (1971-ж. 1000 тургунга 9,5 адам туура келсе, 2007-ж. 1000 тургунга 3,0 адам гана туура келген). Өлүм-житим 1000 тургунга 7,8 адам туура келген. К-нын калкынын курактык структурасында өнүккөн башка өлкөлөргө салыштырмалуу 14 жашка чейинки балдардын саны кыйла көбөйгөндүгү (17,3%) ж-а 65 жаштан өткөндөрдүн саны азайгандыгы (13,4%) байкалат; эмгекке жарамдуу курактагы (15–64 жаштагы) калктын үлүшү 69,2%. Калкынын орт. жашы 39,1 жыл. Орто эсеп м-н 100 аялга 98 эркек туура келет (1970-жылдарга чейин аялдарга караганда эркектер көп болгон). Адам өмүрүнүн күтүлгөн орт. узактыгы 80,3 жыл (эркектердики 76,9, аялдардыкы 83,8 жыл); бул дүйнөдөгү эң жогорку көрсөткүчтөрдүн бири. 21-к-дын башында К-нын калкынын жалпы санынын өсүшүндө иммиграциянын мааниси зор болгон. 1991–2001-ж. К-нын калкынын саны 3 млнго (анын 1,6 млну иммигранттар), 2006-жылдын июлунан 2007-жылдын июнуна чейин 311,7 миңге (238,1 миңи иммигранттар) өскөн. 20-к-дын 2-жарымынан иммигранттардын улуттук курамы да кыйла өзгөргөн: 1950-ж. чейин К-га келгендердин ичинен европалыктар басымдуулук кылган (анын 25%тейи Улуу Британиялыктар болгон); 21-к-дын башында К-га келгендердин 60%ин азиялыктар (анын 25%тейи кытайлар), 20%тейин европалыктар, 8%тейин африкалыктар, 6%тен ашыгын борб. америкалыктар түзгөн. Иммигранттардын басымдуу бөлүгү – атайын адистиги бар, эмгекке жарамдуу адамдар. Ал эми калктын эмиграциясы төмөн (жылына 40–50 миң адам). Калкынын орт. жыштыгы төмөн, 1 $км^2$ жерге 3 адам туура келет. Алар аймак б-ча өтө ар түрдүү отурукташкан: 90%и АКШ м-н чектешкен тилкеде (жазылыгы 160 *км*дей) топтолгон. К-лыктардын $^2/_3$синен ашыгы өлкөнүн 5% аянтында, анын түш.-чыгышында (Онтария провинциясынын түш.-чыгышында, Квебек провинциясынын түш.-батышында; жыштыгы 1 $км^2$ жерге 100 адам) жашайт; анда ири шаарлардын басымдуу бөлүгү (Торонто – Оттава – Монреаль урбанизацияланган тилкеси) жайгаш-



Калгари шаарынын ишкер борбору.

кан. Түн. аймакта (өлкөнүн аянтынын 70%тейи) жашагандар (негизинен аборигендер, о. эле рудниктерде вахтада иштегендер) калктын 1,5%ин түзөт. Шаар калкы 80%тен ашык; айылда жашагандардын $^3/_4$ү а. ч. өндүрүшүндө иштебейт. Ири шаар агломерациялары: Торонто (2007-ж. калкы 6324,5 миң), Монреаль (3763,7 миң), Ванкувер (2254,4 миң), Оттава (1152,7 миң), Калгари (1140,9 миң), Эдмонтон (1031,9 миң). К-нын калкынын 77%и христиандар, а. и. 43,6%и католиктер, 29,2%и протестанттык түрдүү деноминациялардын өкүлдөрү, 1,6%и православныйлар; о. эле 2%и мусулмандар, 1,1%и иудейлер, 1%и буддисттер, 1%и индустар ж. б.

Тарыхы. К. аймагына адамдар мындан 12 миң жыл мурда отурукташа баштаган. Анын байыркы калкы эскимостор ж-а индейлер деп эсептелет. Палеоиндей мезгилине (11,5–8 миң жыл мурда) таандык Олд-Кроу, Блуфиш-Кейв ж. б. байыркы археол. эстеликтер ж-а Гудзон булуңунун түн. ж-а түн.-батыш жээгинде (мис., Дорсет мад-ты), Улуу көлдөрдүн айланасында, Ыйык Лаврентий д-нын алабында жаңы эранын чегинде архаика (8–2 миң жыл мурда) мезгилиндеги археол. мад-ттар, а. и. Вудленд мадтынын түрлөрү пайда болуп, жерг. эл (к. *Индейлер, Ирокездер, Эскимостор*) негизинен жер иштетип, балык кармап, карапачылык м-н кесиптенишкен. 10–11-к-да Лабрадор ж-а *Нью-*

фаундленд а-нын жээктерине келип, Ньюфаундлендге соода колониясын негиздөөгө аракет жасаган. Бирок жерг. калктын каршылыгынан улам викингдердин бул максаты ишке ашкан эмес. *Улуу географиялык ачылыштар доорунда* европ. державалардын Түн. Американы колониялаштыруусу башталган. 1497-ж. англ. королго кызмат кылган итальян Жон Кабот Ньюфаундленд а-нын жээгине жетип, бул жерди Англия ээлиги деп жарыялаган. 1524-ж. флоренциялык Ж. Верраццано жетектеген фр. экспедиция Жаңы Шотландия ж-а Ньюфаундленд а-нын жээктерине келген. 17-к-дын башында англичандар Гудзон ж-а Жеймс булуңдарынын жээктеринен орун-очок алып, континенттин түш.-чыгышын өздөштүрө баштаган. 1534-ж. фр. деңиз саякатчысы Жак Картье Гаспе ж. а-на келип, Франция королунун ж-а католик чиркөөсүнүн бийлигин билдирген крест тургузуп, бул жерлер Францияга тиешелүү деп жарыялаган. 1541–42-ж. француздар индейлердин Стадакона кыш-на жакын жерге чакан колония негиздешкен. 1605-ж. К-да алгачкы фр. Пор-Руаяль (азыркы Жаңы Шотландия), 1608-ж. Квебек кыш. (саякатчы, картограф ж-а изилдөөчү С. де Шамплейндин демилгеси м-н) пайда болуп, кийин фр. колониянын (Жаңы Франция) борборуна айланган. 1608–63-ж. фр. колонияларда Франциянын ар кайсы шаарынан келген соодагерлер жеке соода компаниялары м-н биригип, колониялык саясат жүргүзүшкөн. 1627–63-ж. кардинал Ришелье түзгөн жеке коммерциялык Жүз акционерлер компаниясы Жаңы Францияны башкарган. Бирок колониячылардын санынын аздыгынан (3 миң кишидей) басып алган жерлер иштетилбей, о. эле жерг. калктын, англичандар м-н француздардын тирешүүлөрү француз колониячыларына киреше алып келген эмес. 1663-ж. К-да калктын санын көбөйтүү ж-а француздардын таасирин күчөтүү максатында Франциянын королу Людовик XIV Жаңы Францияны королдун провинциясы деп жарыялап, колониялык администрацияга чексиз бийлик берилген. Колонияны коргоого ж-а тышкы иштерине губернатор, ал эми жарандык, сот акыйкаты ж-а каржы иштерине интендант жооптуу болгон. Жогорку Кеңеш королдун жарлыктарын таратып, колониялык соттук аппеляциялык инстанция кызматын аткарган. Жаңы Франциянын өнүгүшүнө анын биринчи губернатору Л. де Фронтенак, интендант Ж. Талон ж-а епископ Ф. Лаваль чоң салым кошушкан. 16-к-дын 80-жылдарында Ньюфаундленд а. англ. ээлик деп жарыяланып, 17-к-дын 20-жылдарында К-да англ. биринчи колония (Жаңы Шотландия) пайда болгон. 17–18-к-да Англия м-н Франциянын К. үчүн согуштары узакка созулган. *Жети жылдык согушта (1756–63)* жеңилген Франция Улуу Британияга 70 миң калкы м-н К-ны берүүгө аргасыз болуп, Квебек провинциясына айландырылган. Квебекте британдык колониялык администрация түзүлүп, француз калкы англичандарга баш ийген абалда калып, француз-католиктер бийликтен четтетилген. Түн. Америкада көз каранды эместик үчүн болгон согуш (1775–83) башталар алдында рев-ялык идеялардан «к[illegible]оо» максатында англис администрациясы ф[illegible]цуз калкынын ж-а чиркөө өкүлдөрүнүн ук[illegible]рын кеңейткен. Бирок амер. аскерлердин [illegible]бектеги согуштук компаниясы (1775–76) [illegible] ашкан эмес. АКШ түзүлгөндөн кийин рев-я[illegible]чочулаган 40 миңдей лоялист Квебек ж-а [illegible]ы Шотландия аймактарына качып барган, [illegible]ин алардын урпактары англис канадалык [illegible]тун негизин түзгөн. 1784-ж. алар жашаган [illegible]де өзүнчө Нью-Брансуик провинциясы пайда болгон.



Квебек.

18-к-дын аягында англ. бийлик кеңири колониялык реформа жүргүзгөн. 1791-жылдагы Конституциялык актынын негизинде Квебек аймагы этностук принцип б-ча эки провинцияга бөлүнгөн: англ. Жогорку К. ж-а фр. Төмөнкү К. Эки провинцияда тең өкүлдүк ассамблеялар түзүлгөн. Аткаруучу ж-а мыйзам чыгаруучу бийлик англичандардын (генерал-губернатор ж-а ак сөөктөрдүн) колунда болгондуктан, экон. ж-а саясий карама-каршылыктарды пайда кылып, бара-бара улуттук-боштондук кыймылга алып келген. *Англия-Америка согушунан (1812–14)* кийин К-ны АКШнын басып алуу коркунучу туулуп, ошондон улам өлкөдө демокр. реформаларды жүргүзүү ж-а өзүн-өзү башкаруу укугуна ээ болуу кыймылы кулач жайган. 1837–38-ж. Жогорку ж-а Төмөнкү К-да Л. Ж. Папино, Р. Нельсон, У. Л. Макензи, П. Мэтьюз ж. б. жетектеген куралдуу көтөрүлүш чыккан. Алар амер. үлгүдөгү конституцияны кабыл алууну, «канадалыктардын көз каранды эместик укугун» кепилдик берүү ж. б. талаптарды коюшкан. Улуу Британия куралдын күчү ж-а өзү аргасыз берген жеңилдик м-н К-дагы бийлигин сактап калган. 1841-ж. эки провинция бир провинцияга (Канада) биригип, жалпы бир өкмөт ж-а эки аймактан тең бирдей сандагы депутаттардан турган шайлануучу өкүлдүк ассамблея түзүлгөн. Англис тили расмий тил болуп, англис-канадалыктар (Жогорку же Батыш Канада) аз болгонуна карабастан, алардын үстөмдүгү сакталып, француз-канадалыктар (Төмөнкү же Чыгыш Канада) адм.-аймактык автономиясынан ажыраган. 1848-ж. К-да Болдуин–Лафонтен өкмөтү түзүлгөн. 1854-ж. К-да реформалар (губернатордун чексиз бийлиги, француздарга болгон дискриминация, соодадагы чектөөлөр ж. б. жоюлуп, жер ээлеринин феод. жеңилдиктери алынып ташталган) жүргүзүлгөн. Бул реформалар өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүнө жол ачкан. К-да ө. ж. төңкөрүшү башталып, калктын саны көбөйүп, өз алдынча болгон колонияларда бир мамлекет түзүүгө шарт түзүлгөн. АКШ мындай абалдагы колонияларга оңой эле кол салып, Улуу Британиядан тартып алмак. Ошондуктан Британиянын Түн. Америкадагы бардык ээлик[illegible]нин биригиши үчүн кыймыл күчөгөн. 1867-[illegible]гл. парламент Британиялык Түн. Америка [illegible] акт кабыл алып, анын негизинде 4 прови[illegible]дан (Жаңы Шотландия, Нью-Брансуик, [illegible]арио ж-а Квебек) түзүлгөн федерация Канада [illegible]миниону деп аталган. Доминиондун түзүлүш[illegible] К-нын Британияга көз карандылыктан кутулуу жолундагы маанилүү кадам болгон. Мамл. борбордоштуруу өлкөнүн жалпы улуттук базарын түзүүгө мүмкүнчүлүк берген. 1869–70-ж. англистерге каршы француздардын Луи Риэль баш болгон көтөрүлүштөрү чыгып, бирок ийгиликсиз аяктаган. 1920–40-жылдардын ортосунда а. ч., электр-энергетика, нефть өндүрүшү ж-а ө. ж. өнүгүп, жумушчулардын саны көбөйүп, шаарлар өсүп, К. өнүккөн агрардык-индустриялык мамлекетке айланган. 1-дүйнөлүк согушта К. Улуу Британия тарапта болуп, Сов. Россияга каршы интервенцияга катышкан. Англиянын К-га таасиринин начарлашы доминиондун саясий өз алдынчалыгы үчүн күрөшүн күчөткөн. Англиянын башка доминиондорундай эле К. Улуттар Лигасында өз алдынча өкүлдүккө ээ болгон. 1920–30-ж. К-нын укуктары метрополия м-н теңештирилген. К. экономикасынын тышкы соодага көз карандылыгы, сыртка жалаң сырьё чыгарышы 1929–33-жылдардагы дүйнөлүк экон. кризис мезгилинде өлкөнү бөтөнчө оор абалга дуушар кылган. К-да ө. ж. өндүрүшү токтоп, жумушчулардын саны кыскарып, эмгек акы азайган. Т. ж. компаниялары мамлекеттештирилип, коомдо ар кандай социал-демокр. уюмдар, партиялар (Канада жумушчу партиясы, Фермерлердин улуттук-прогрессчил партиясы, Жумушчулар кооперация шериктештигинин федерациясы ж. б.) түзүлгөн. Премьер-министр, консерватор Р. Б. Беннеттин өкмөтү (1930–35) экон. кризистен чыга албай, дыйкандардын абалы начарлап, жумушчулардын көтөрүлүштөрү (1929–35) көп болгон. 1931-ж. Вестминстер статуту аркылуу К. Улуу Британиядан саясий көз карандысыздыкка ээ болуп, К. өкмөтүнүн компетенциясы эл аралык ж-а ички иштерде кеңейген. 1939-ж. К. парламенттин чечиминин негизинде Франция ж-а Улуу Британиядан кийин 2-дүйнөлүк согушка кирип, гитлердик коалицияга каршы согушкан. Согуштан кийин К-нын саясатына ж-а экономикасына АКШнын таасири күчөгөн, ошол эле мезгилде Англиянын позициясы начарлай баштаган. 1947-ж. К-нын калкы өз жарандыгына ээ болушкан. К. НАТОго кирип (1949), АКШ м-н бир катар согуштук макулдашууларды түзгөн. 1950–60-жылдары өлкөдө либералдар, консерваторлор ж-а демокр. партиялар түзүлгөн. Партиялар тышкы саясатта Канада м-н Американын ортосундагы мамилелерди жакшыртуу ж-а НАТОдо К-нын ролун жогорулатуу б-ча маселелерди караган. 1960-жылдардын аягында К-нын ири ө. ж. компанияларынын теңине жакыны АКШнын карамагына өткөн. К-лыктар АКШга көз каранды болуп калуудан чочулап, экономикасын ж-а улуттук мад-тын өнүктүрүүгө умтулушкан. Консерваторлор партиясы прогрессивдүү-консерваторлор партиясы (ПКП) болуп өзгөрүп, 1957-ж. шайлоодо жеңишке жеткен. Бул партиянын төрагасы Ж. Ж. Дифенбейкер салык саясаты ж-а тышкы саясат аркылуу К-нын экономикасын өз алдынча өнүктүрүүгө (АКШдан тышкары) аракеттенген. 1958-ж. К. АКШнын ядролук согуш куралдарын камсыздагандан баш тарткандыгы үчүн АКШ м-н К-нын ортосундагы мамиле курчуп, прогрессивдүү-консерваторлор партиясы (ПКП) оор абалга туш болгон. Анын натыйжасында ПКП шайлоодо жеңилип (1963), Б. Пирсон жетектеген Либералдар партиясы бийликке келген (1963–68). Л. Б. Пирсон тескерисинче АКШ м-н «өзгөчө» жакшы мамиле түзүүгө умтулуп, натыйжада 1964-ж. К-га ядролук куралдар алынып келинген. 1965-ж. К. улуттук желегине ээ болгон. 1969-ж. француз тили англис тили м-н тең катар расмий тил болуп калган, 1982-ж. жаңы Конституциясы кабыл алынып, К. Улуу Британияга көз каранды болбой, өз алдынча мамлекетке айланган. 1980-жылдардан АКШ м-н жакшы мамиледе. 1988-ж. эки мамлекеттин ортосунда эркин соода жүргүзүү ж-дө келишимге кол коюлган. Мурдагы СССР м-н К-нын дипл. мамилелери фашисттик Германияга каршы күрөштө 1942-ж. 12-июнда түзүлгөн. *Кансыз согуштун* башталышы эки мамлекеттин мамилелерине терс таасир тийгизип, кийин 1950-жылдардын ортосунан соода, ил.-тех. ж-а маданий байланыштар кайра өнүгө баштаган.

Чарбасы. К. дүйнөдө экономикасы өнүккөн башкы өлкөлөрдүн тобуна кирет. ИДПнин жалпы көлөмү (1266 млрд АКШ доллары) б-ча К. дүйнөдө 13-орунда; ИДПнин көлөмүн киши башына бөлүштүргөндө (38,4 миң доллар) К. ири мамлекеттердин ичинен АКШдан кийинки орунду ээлейт. Адамзат өнүгүүсүнүн индекси 0,961 (2005; дүйнөдөгү 177 өлкөнүн ичинен 4-орунда).

1990-жылдардын ортосунан дүйнөдөгү алдынкы 5 өлкөнүн бири. ИДПдеги тейлөө чөйрөсүнүн үлүшү 69%, ө. ж-ныкы ж-а курулуштуку 29%, айыл, токой ж-а балык чарбаларыныкы 2% (2006). ИДПнин өсүүсү 2,5% (2007). К-нын чарбалык системасына таасирин тийгизген негизги факторлор: АКШ м-н чектеш жайгашып, эки өлкөнүн ортосундагы экон. интеграциянын туруктуу өнүгүүсү; аймагынын чоңдугу ж-а калкынын салыштырмалуу аздыгы; табигый ресурстарга байлыгы; капитал импортунун ж-а иммиграциянын маанилүүлүгү. Түн. Америкада дүйнөдөгү эң ири аймактык чарбалык комплекс К. м-н АКШнын ортосундагы Эркин соода макулдашуусу күчүнө киргенден (1989) тез өнүгө баштады. 1994-жылдан АКШ, К. ж-а Мексиканын катышуусу м-н Эркин соода ж-дө Түн. Америка келишими (НАФТА) иштеп, К-нын экономикасында АКШнын таасири күчөй баштады.

Ө. ж-нын эң өнүккөн тармактары: казып алуу, энергетика, түстүү металлургия, машина куруу (негизинен транспорттук), хим. ж-а нефть-хим., токой, жыгач иштетүү ж-а кебез-кездеме ө. ж. Казып алуу ө. ж. – өлкөнүн негизги тармактарынын бири, негизинен экспортко багытталган (казып алынган сырьёнун 80%и сыртка сатылат) минералдык сырьёнун 60ка жакын түрүн чыгарат. К. энергия ресурстарына болгон ички муктаждыгын толук камсыз кылат. Энергия пайдалануу структурасында нефтинин үлүшү 30,6%, табигый газдыкы 27,0%, гидроэнергияныкы 24,6%, таш көмүрдүкү 10,8%, атом энергиясыныкы 7,0% (2006). 2006-ж. 151,3 млн *т* нефть (дүйнөдө 8-орунда), 190 млрд $м^3$ газ казылып алынган (дүйнөдө Россия, АКШдан кийинки 3-орунда). Нефть м-н газ казып алынуучу негизги регионУ – Альберта провинциясы. 2006-ж. 62,9 млн *т* таш көмүр казылып алынган; казылып алынуучу негизги аймактары: Альберта (50%и), Британия Колумбиясы (30%и), Саскачеван (15%и) провинциялары. К. уран рудасын казып алуу (12,6 миң *т*) ж-а анын концентратын өндүрүү б-ча дүйнөдө алдынкы орунда. Дүйнөлүк урандын 30%ке жакыны Саскачеван провинциясынан казылып алынат; башка ири кендери: Мак-Артур-Ривер, Раббит-Лейк, Мак-Клин-Лейк, Сигар-Лейк (запасы б-ча дүйнөдөгү ири кендердин бири).

Электр энергиясын өндүрүү б-ча (616 млрд *кВт·с*; 2006) К. дүйнөлүк алдынкы 10 өлкөнүн катарына кирет. Электр энергиясынын 62%и ГЭСтен, 20%и ЖЭСтен, 15,6%и АЭСтен, калган бөлүгү башка энергия булактарынан өндүрүлөт. К. – электр энергияны ГЭСтен өндүрүү б-ча дүйнөлүк лидер (ГЭСтердин жалпы кубаттуулугу 67 млн *кВт*тан ашык). Дүйнөдөгү эң ири гидрокурулуш – 8 ГЭСтен турган каскад (кубаттуулугу 16 миң *МВт*тан ашык) Ла-Гранд д-нда ж-а анын куймаларында (Квебек провинциясында)

КАНАДА



курулган. Ири ЖЭСтер жайгашкан шаарлар: Нантикок (кубаттуулугу 4000 *МВт*тан ашык; Түн. Америкадагы эң ири ЖЭС, көмүрдө иштейт; Онтарио провинциясында), Ламбтон (2000 *МВт* чамасында; көмүрдө иштейт; Квебек провинциясында), Леннокс (2140 *МВт*; газда иштейт; Онтарио провинциясында). Атомдук энергетика өлкөнүн өзүнүн сырьёсунда иштейт. Эң ири АЭСтери Онтарио провинциясында жайгашкан.

Металлургия – иштеп чыгуучу ө. ж-нын негизги тармактарынын бири; жерг. сырьёлордо иштеп, продукциясы негизинен экспортко чыгарылат. Темир кенташтары (17,9 млн *т* металл) Кэрол-Лейк (Ньюфаундленд, Лабрадор провинцияларында) ж-а Маунт-Райт (Квебек провинциясында) кендеринен казылып алынат; темир концентраты, окатыш, чоюн, болот, феррокуйма, прокат өндүрүлөт. Түстүү металлдардан кобальттуу жез-никель, полиметалл, жез-молибден кенташтары казылып алынат. Түстүү металлдардан цинк (дүйнөдө Кытай, Австралия, Перудан кийинки 4-орунда), жез, никель (Россия, Австралиядан кийинки 3-орунда), коргошун, молибден, кобальт, күмүш, селен казылып алынат. Алгачкы алюминийди өндүрүү (2,9 млн *т*; Бразилия ж-а Австралия сырьёлорунда иштейт) маанилүү орунда; негизинен Квебек провинциясынын түш.-чыгыш бөлүгүндө, о. эле Китмат ш-нда өндүрүлөт. Калий тузун казып алуу (10,6 млн *т*) б-ча дүйнөдө 1-орунду ээлейт; жалпысынан 10 ири кени бар; алардын негизгилери – Саскачеван ж-а Нью-Брансуик провинцияларында. 2005-ж. 243 млн *т* асбест казылып алынган (Россия, Кытай ж-а Казакстандан кийинки 4-орунда); кендери негизинен Квебек провинциясынын түш. бөлүгүндө жайгашкан. Алмаз казып алуу (12,3 млн *т*; 2005) б-ча дүйнөдө Ботсвана, Россия ж-а Австралиядан кийинки 4-орунда; негизги кендери: Дайавик, Экати, Жерико, Снап-Лейк.

Машина куруу ө. ж. (иштеп чыгаруучу ө. ж. продукциясынын наркынын $^1/_4$ин түзөт) негизинен транспорт каражаттарын, авиакосмос техникасын, электрондук продукцияларды, телекоммуникация жабдууларын чыгарууга адистешкен. Автомобиль куруу ишканалары (ө. ж. продукциясынын 12,5%и) негизинен Онтарио провинциясынын түш. бөлүгүндө топтолгон. 2005-ж. 2,5 млн жеңил автомобиль чыгарган (продукциясынын наркы 65 млрд доллардан ашык). Жүк ташуучу оор автомобиль, шасси ж-а автобустар (продукциясынын наркы 3,7 млрд доллардан ашык) 35 ишкана чыгарылат. К. авиакосмос техникаларын (автобус, самолёт, самолёт-амфибия), ылдам жүрүүчү поезд ж-а т. ж. кыймылдуу курамын (ылдам жүрүүчү экспресс ж-а анын локомотивдерин, метрополитен үчүн кыймылдуу курам) чыгарат. Электрондук ө. ж. да тез өнүгүүдө: телекоммуникация жабдууларын, компьютер ж. б. офис техникаларын чыгарат, о. эле кеме куруу ж-а кеме ремонттоо да өнүккөн. Машина куруу ишканалары, о. эле электр-энергетика, казып алуучу тармактар, токой ө. ж. ишканалары үчүн жабдууларды чыгарат.

Хим. ж-а нефть-химия ө. ж. өзүнүн сырьёсу м-н иштейт. Орг. синтездин (этилен, пропилен, түрдүү полимерлер, синтетикалык була, пластмасса ж. б.) ж-а негизги химиянын түрдүү продукцияларын, минералдык жер семирткич ж. б. чыгарат. К. минералдык жер семирткич чыгарган дүйнөдөгү башкы өлкө болуп саналат; ишканаларынын 80%тен ашыгы Альберта провинциясында жайгашкан. Минералдык жер семирткичтин жарымынан көбү (86%и АКШга) экспорттолот.

Токой, жыгач иштетүү ж-а целлюлоза-кагаз ө. ж. үчүн токой ресурстары арбын. Токой негизинен мамл. менчикте; 21-к-дын башында 190 млн $м^3$ге жакын жыгач, а. и. 150 млн $м^3$









«Bombardier Jne» компаниясынын продукциялары.

таарынды ж-а бекемдөөчү материалдар, 30 млн $м^3$ден ашык целлюлоза үчүн жыгач даярдалган. Целлюлоза-кагаз ө. ж. ишканалары (бардыгы 155тен ашык, көбү ири ишканалар) кагаз м-н картондун түрлөрүн чыгарат (продукциясынын наркы 25 млрд доллардан ашык). Ишканаларынын $^2/_3$си өлкөнүн түш.-чыгыш бөлүгүндө (ири ГЭСтерге жакын), о. эле К-нын түш.-батышында (Британия Колумбиясынын аймагында) топтолгон. Тармактын продукциясынын негизги кардары – АКШ (80%ин сатып алат). Текстиль, кийим, булгаары буюмдар ж-а бут кийим өндүрүштөрү Монреалда (50%тен ашыгы), о. эле Торонто, Ванкувер, Виннипег ш-нда топтолгон.

Тамак-аш ө. ж. негизинен өзүнүн а. ч. сырьёлорун (эт, сүт, дан) иштетүүгө багытталган. О. эле пиво, этил спиртин ж-а спирт ичимдиктерин (виски, ром, джин, ликёр) чыгарат. Балык иштетүүчү көптөгөн ишканалары өлкөнүн чыгыш ж-а түш.-батыш жээк аймактарында жайгашкан.

К. – а. ч. продукцияларын өндүрүүчү дүйнөдөгү ири өлкөлөрдүн бири; азык-түлүктүн негизги түрлөрү б-ча ички муктаждыкты толук камсыз кылат. Агр. продукцияны экспорттоо б-ча дүйнөдө алдыңкы орундардын бирин ээлейт (а. ч. продукциясынын $^1/_2$и экспорттолот). К-нын агр. секторуна – адистешүүнүн жогорку денгээли, өндүрүшүнүн топтолушу (иштетилүүчү жердин 75%ке жакыны түштүктөгү Манитоба, Саскачеван, Альберта провинцияларындагы талааларга туура келет), механикалаштыруу ж-а эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулугу мүнөздүү. А. ч-га жарактуу жериниң аянты 68 млн *га* (К-нын аймагынын 7,4%и), анын 53%и айдоо, 47%и шалбаа ж-а жайыт. Фермер чарбалары басымдуу (алардын саны 2006-ж. 229 миңден ашык болгон); фермерлердин 95%тен ашыгынын жеке менчик жерлери бар, калгандары жерди ижарага алып иштетет. А. ч. продукцияларын негизги өндүрүүчүлөр – адистешкен ири чарбалар; ферма жериниң орт. өлчөмү 300 *га*. Азыркы а. ч. техникалары кеңири пайдаланылат, бирок фермалардын жериниң өтө чоңдугуна байланыштуу 1000 *га* жерге туура келген трактордун саны б-ча (1000 *га* жерге 16 трактор) жогорку өңүккөн өлкөлөрдөн өтө артта калган.

Башкы тармагы – мал чарбасы (а. ч. продукциясынын наркынын 60%тен ашыгы); анда эт ж-а сүт багытындагы мал, чочко, үй кушу ж-а кой асыралат. 2007-ж. 15,9 млн бодо мал (сааны 1,5 млн), 14,5 млн чочко, 0,6 млн кой, 660 млндон ашык үй кушу болгон. Мал чарбасы өндүргөн продукциялардын негизги түрлөрү: 7,6 млрд *л* сүт (каймагы м-н кошо), 32,6 млн *т* үй эти, 1,5 млн *т* торпок эти, 50 млн *т* чочко эти, 2,2 млн *т* кой эти, 58 млн *т* дан ашык куш эти, 6,9 млрд даана жумуртка даярдалган.

Териси баалуу айбанат чарбасы (продукциясынын наркы 90,2 млн доллар; 2006) ж-а тери промысели (31,4 млн доллар) да өңүккөн. Айбанат асыроочу фермалары негизинен суу суусарын өстүрүүгө адистешкен (негизинен суу суусарынын, о. эле түлкүнүн терилерин даярдайт). О. эле териси үчүн калтар чычкан, куну, суусар, тыйын чычкан, койотко анчылык кылынат.

Фермалардын көбү К-нын чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. К. буудай жыйноо б-ча (2007-ж. 26,8 млн *т*) 5–6-орунду ээлейт. Жыйналган буудайдын 80%ке жакыны экспорттолот. О. эле арпа, канола, жүгөрү, соя, нокот, жашылча, кара күрүч, күн карама, кара буудай ж. б. да эгилет. Өлкөнүн түштүгүндөгү айрым жерлерде алма, алмурут, шабдалы, өрүк, алча, гилас өстүрүлөт; жүзүмчүлүк да өңүккөн. Накта канадалык продукт – ак чечек шireси (2006-ж. 30 млн *л* өндүрүлгөн; дүйнөлүк өндүрүштүн 80%ке жакыны); ширенин 70%ке жакыны Квебек провинциясында өндүрүлөт. А. ч. өндүрүшүнүн башкы аймагы – Манитоба, Саскачеван, Альберта провинцияларынын түш. бөлүктөрү; негизги адистешүүсү – дан эгиндерин өстүрүү (буудайдын 50%тен ашыгы Саскачеван провинциясынан жыйналат); жайытта багылган эт багытындагы мал ж-а эт-жүн багытындагы кой чарбалары. Экинчи маанилүү аймагы – Квебек, Онтарио провинцияларынын түштүгү, анда саан үй басымдуулук кылган мал чарбасы, жашылчачылык ж-а бакчылык (негизинен Ниагара ж. а-нда) өңүккөн. Адистешкен а. ч. бар башка аймактар – Эдуард канзада а. ж-а Нью-Брансуик провинциясы (картошкө), Жаңы Шотландия провинциясы (Аннаполис д-нын өрөөнүндө



Эдуард Канзада аралында картошко жыйноо.

канада алмасынын түшүмүнүн 10%и жыйналат), Британия Колумбиясы провинциясынын түштүгү (Оканоган д-нын өрөөнүндө – бакчылык ж-а жүзүмчүлүк, саан үй), Британия Колумбиясынын борб. бөлүгү (негизинен эт багытындагы мал чарбасы).

Балыкчылыктын да мааниси зор. 2004-ж. 600 миң *т*дан ашык деңиз балыгы (негизинен треска, сельд, лосос, палтус) ж-а 530 миң *т* ча-

масында деңиз продуктулары (краб, омар, устрица) кармалган. Балыкчылык чыгыш провинцияларында ж-а батышында (кармалган балыктын $^1/_3$и Британия Колумбиясы провинциясына туура келет) онүккон. К. – тондурулган балыкты экспорттоо б-ча дүйнөдөгү алдыңкы өлкөлөрдүн бири.

Өлкөнүн экономикасынын ири сектору – тейлөө чөйрөсү. Эң маанилүүлөрү – финансы ж-а ишкердик жактан тейлөөлөр. Финансылык тейлөөлөрдү банк-кредит сектору, камсыздандыруу бизнеси, биржалар жүргүзөт. Ишкер сектору – бухгалтер-аудитор, маалымат-кеңеш берүү, инженер-тех., компьютердик, юрид. ж. б. б-ча тейлөөнү камтыйт. Рекреациялык тейлөөнүн ж-а аны м-н байланыштуу мейманкана, ресторан бизнестеринин мааниси зор. 2005-ж. К-га келген 36 млн туристтин 14,4 млну АКШлыктар; Кытайдан келген туристтердин саны тез өсүүдө. Туризмден түшкөн киреше 14 млрд долларды түзөт. Туризмдин негизги борборлору: Квебек, Монреаль, Торонто, Ванкувер. Туристтерди, о. эле табигый объектилер кызыктырат: Ниагара шаркыратмасы (К-нын аймагындагы – Така сымал шаркыратманын жазылыгы 800 *м*, бийикт. 48 *м* чамасында), Аскалуу тоолордогу Колумбия монгүсү, кол ландшафттары. Альберта, Британия Колумбиясы провинцияларында жайгашкан улуттук парктардагы ж-а коруктардагы экол. туризм тез өнүгүүдө.

К-нын транспорт системасынын өзгөчөлүктөрүн анын чарбасынын ж-а калкынын аймак б-ча жайгашуу структурасынын бөтөнчөлүгү түзөт: аянты чоң башка өлкөлөргө салыштырмалуу К-да жүк ташуу чыгымы кыйла жогору, ал эми жүргүнчүлөрдүн каттоосунун орт. узактыгы төмөн. Өлкөнүн түштүгүндө негизги транспорттук коридор-тилке (Атлантика м-н Тынч океанынын жээктериндеги портторду байланыштырган ж-а жарыш жаткан бир нече темир ж-а автомобиль жол магистралдары) түзүлгөн. Ошол коридорду жээктей көптөгөн ири транспорт түйүндөрү жайгашып, негизги транспорт агымдары өтөт.

Автомобиль жолунун уз. 1408,8 миң *км* (2006); анын 7,3%и – ылдам жүрүү үчүн автомагистралдар ж-а улуттук шосселер. Өлкөнүн түштүгүндөгү автомобиль жол тармактарынын негизги өзөгү – Трансканада шоссеси (Виктория, Ванкувер а./ паромдук катнаш – Ванкувер – Калгари – Режайна – Виннипег – Тандер-Бей – Су-Сент-Мари – Садбери – Оттава – Монреаль – Квебек – Фредериктон – Сидни Майнс / Ньюфаундленд а-на паромдук байланыш) – Чаннел-Порт-о-Баск – Сент-Жонс ж-а аны Торонто, Галифакс, Эдуард канзада а-на (уз. 3 *км* көпүрө аркылуу) кеткен тармактары. Өлкөнүн түндүгүнө меридиан багытында: Руэн – Форт-Жорж (Квебек провинциясы); Виннипег – Гранд-Рапидс – Томпсон – Кинусао (Манитобо провинциясынын түндүгү); Саскатун – Принс-Альберт – Саутенд; Саскатун – Баффало-Нарроус (Саскачеван провинциясынын түндүгү); Эдмонтон – Форт-Мак-Марри – Битьюмаунт (Альберта провинциясынын түн.-чыгышы) автомагистралдары кетет. Дагы башка маанилүү автомагистралдары арбын.

Деңиз транспорту аркылуу сырткы сооданын кыйла болүгү өтөт (экспорттун 64%и, импорттун 42%и). Т. ж-нун уз. 74,6 *км* (2006). Т. ж. тармагы трансканадалык 3 магистралдан турат: Галифакс – Квебек – Кокран – Виннипег – Саскатун – Эдмонтон – Принс-Жорж – Принс-Руперт; Квебек-Монреаль – Торонто – Садбери – Тандер-Бей – Виннипег – Режайна – Калгари – Камлупс – Ванкувер; Квебек – Монреаль – Каприол – Виннипег – Эдмонтон – Ванкувер. Торонто м-н Монреалда метрополитен иштейт. Куур транспортунун жалпы уз. 360 миң *км*ден ашык, анын 316,8 миң *км*и газ, 45,7 миң *км*и нефть ж-а нефть продукту өткөргүч куур. Кеме каттоо Ыйык Лаврентий ж-а Улуу көлдөр аркылуу өтүп (уз. 3,8 *км*), Атлантика океанынын портторун деңиз кемелери Улуу көлдөрдүн порттору м-н байланыштырат. Паромдук байланыштар да арбын. 1300дөн ашык аэропорту бар. Ири аэропорттору: Торонто, Ванкувер, Монреаль, Калгари, Эдмонтон.

К. товарды экспорттоо (дүйнөлүк экспорттун 3,2%и; 2006) ж-а импорттоо (дүйнөлүк экспорттун 2,9%и) б-ча дүйнөдө 9-орунда. Экспорт наркынын $^2/_3$синен ашыгы (55,6%) иштеп чыгуучу ө. ж. тармагынын продукциясына туура келет. Экспортко негизинен нефть, газ, көмүр (19,7%), автомобиль куруу ө. ж-нын продукциялары (16,7%), металлдар ж-а куймалар (8,1%), тоКанада акчасы.







Эдмонтон шаарындагы нефть ажыратуу заводу.

кой, жыгач иштетүү ж-а целлюлоза-кагаз ө. ж. продукциялары (6,3%), жалпы машина куруу продукциялары (4,9%), авиакуруу продукциялары (4,5%) чыгарылат. Импортунда иштеп чыгаруу ө. ж. продукциялары басымдуу (78,2%; 2006); анын маанилүүлөрү: автомобиль куруу ө. ж. продукциялары (19,2%), керектөө товарлары (13,2%), нефть (8,8%), жалпы машина куруу продукциялары (7,6%), химия ж-а нефтьхимия ө. ж. продукциялары (7,3%), металлургия ө. ж. продукциялары (6,9%), а. ч. ж-а балык чарба продукциялары (6,1%). К-нын негизги соода шериги – АКШ (ага экспорттун 79%и, импорттун 54,2%и туура келет; 2007). Башка маанилүү соода шериктери: Кытай (экспорттун 9,4%и, импорттун 2,1%и), Мексика (ирети м-н 4,2% ж-а 1,1%), Япония (3,8% ж-а 2,1%), Улуу Британия (2,8% ж-а 2,9%), Норвегия (1,3 ж-а 0,8%).

К-нын сырткы соода тейлөөсүнүн экспорттук наркы 57,8 млрд доллар, импорттук наркы 71,7 млрд доллар (2006). Эң маанилүүлөрү – туристтик (экспорттун 25,4%и, импорттун 28,6%и) ж-а транспорттук (ирети м-н 18,5 ж-а 23,6%) тейлөөлөр.

Маданияты. К-нын б и л и м б е р ү ү системасы бирдей эмес, башталгыч ж-а орто билим берүү маселеси провинция бийлигинин карамагында. Ар бир провинция өзүнүн билим берүү мыйзамдарына ж-а башкаруу органдарына (министрликке) ээ. Алардын ишин 1960-жылдан К. билим берүү министрлер к-ти (1967-жылдан билим берүү министрлер кеңеши) башкарат. Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде 4–5 жаштан тарбияланат. Толук орто билим берүү көпчүлүк провинцияларда 12, Манитобе ж-а Онтариодо 13, Квебекте 11 жылга созулат да, үч баскычтан турат: башталгыч мектеп – 6 жыл (Манитобеде, Онтариодо – 8 жыл), жалпы орто мектеп – 3 жыл, толук орто мектеп – 3 жыл. Окутуу өлкөнүн расмий эки тилинин биринде (англис же француз) жүргүзүлөт. Өлкөдө мамл. ж-а конфессиялык (католиктик) мектептер бар. К-да 175ке жакын мамл. ж-а менчик коллежде 300 миңдей окуучу окуйт. Коллеждер, коомдук, тех., жалпы ж-а кесиптик билим берүү системаларына болүнөт. 100гө жакын ЖОЖдордо (ун-т, ун-ттик коллеждер) 1,5 млндой студент билим алат. Белгилүү окуу жайлары: Фредериктон ш-ндагы Нью-Брансуик провинциясынын ун-ти (эң эски ЖОЖ, 1785), Торонто (1827), Оттава (1848), Лаваль (1852), Виннипег (1871), Монреаль (1876) ж. б., о. эле консерваториялар: Торонто (1886), Монреаль (1942), Квебек (1944) ж. б. Ири китепканалары: Виннипегдеги Манитоба юрид. (1877), Оттавадагы Канада а. ч. (1910), элдик, акад., ун-ттик., коллеждик ж. б. Архивдери: Викториядагы Британдык Колумбия (1893), Виннипегдеги Манитоба (1884), Квебектеги Квебек (1920), Галифакседеги Жаңы Шотландия (1929), Эдмонтондогу Альберта (1963), Фредериктондогу Нью-Брансуик (1968) провинциялары ж. б. К-да 2 миңден ашуун музей ж-а тарыхый парктар бар. Музейлери: Оттавадагы Улуттук галерея, Монреалдагы Асем онөр музейи, Торонто көркөм галереясы, Ванкувер, Виктория, Виннипег, Квебек, Калгари, Галифакс музейлери ж. б. К-нын байыркы ил. мекемеси – Оттавадагы К. королдук коому (1882). Анын курамына Ад-т ж-а гуманитардык илимдер, Социалдык ж-а гуманитардык илимдер академия ил.-из. мекемелери иштейт.

К-да күн сайын 100дөн ашык гезиттер чыгат (2006), а. и. фр. 11, калгандары англис тилинде. К-нын эң биринчи гезити 1752-ж. Жаңы Шотландияда чыккан. Ири гезиттери: англ. «The Toronto Star» (1892-жылдан), улуттук гезиттери: англ. «Globe and Mail» (1844), «National Post» ж. б. Алгачкы журналы «The Nova Scotia Magazine and Comprehensive Review of Literature, Politics and News» (1789–92). англ. ж-а фр. көптөгөн журналдар чыгат. Улуттук башкы кабарлар агентчилиги – Canadian Press (1917-ж. түзүлгөн). Радио уктуруу 1930-жылдардан, телекөрсөтүү 1950-жылдардан Жалпы улуттук маалыматтык радио ж-а теле берүүнү «Canadian Broadcasting Corporation» корпорациясы ишке ашырат.

К. ад-ты англис ж-а француз тилдеринде өнүгүүдө. К-да байыртадан индейлер м-н эскимостордун фольклордук салты болгон. 18-к-дын 2-жарымынан журналистика өнүгө баштап,



Монреаль. «Habitat·67» турак үй комплекси. Архитектор М. Сафди.

классикалык духтагы чыгармалар жарык көргөн. 19-к-дын ортосунда романтизм кеңири жайылып, лирикалык поэзия (Ф. К. Гарно, Н. Обен, О. Ж. Кремази, П. Леме, А. Пуассон ж. б.) өнүккөн. Прозада Ж. Мармет, Э. Руссо, Н. Бурасс, Л. Конан ж. б. эмгектенген. Адабий монреаль мектебинин түзүлүшү (Ж. Шарбонно, Э. Неллиган) ад-тты жандандырган. 20-к-дын 20–30-жылдарында К. ад-тында реализмдин өнүгүшүнө Л. Эмондун «Мария Шанделен» романы нук салган, 20-к-дын 2-жарымында роман ж-а повесть, о. эле драма өнүккөн.

К-нын көркөм мад-тында жерг. элдердин (индейлер м-н эскимостордун), Европа ж-а АКШ-дан келген келгиндердин иск-восунун салттары сакталган. Тынч океан жээгиндеги индейлер жыгач үйлөрдү курушуп, оймо, сүрөт түшүрүп, чегүү, саймалуу кездеме токуу, жыгач ж-а самандан бет кеп жасоо, бугу ж-а багыштын жүнүнөн саймалап өрүү ж. б. м-н алектенишкен. Европалыктардын келиши м-н К-га Англия м-н Франциянын иск-восу жайылган. 17-к-дан фр. типтеги турак үйлөр, коомдук имараттар (госпиталдар, семинарийлер ж. б.) таштан курула баштаган. 17-к-дын ортосунда Квебекке епископ Лавалдын келиши м-н К-да чиркөөлөр (Орлеан а-нда Сен-Лоран 1695; Сен-Пьер 1716; Сан-Фамий 1743–46 ж. б.) салынган. 19-к-да К-да Ж. Демер, Т. Байарже ж. б. архитекторлор иштеген. Англис тибиндеги имараттар 18-к-дын аягы – 19-к-дын башында Дублин, Кингстон, Олд-Ирокуой ш-нда таштан салына баштаган. К-нын сүрөт өнөрүндө алгачкы ийгиликтер фр. кол өнөрчүлөрдүн ишмердиги м-н байланышкан. 18-к-дын аягында К-да реалисттик пейзаж чеберлери (Ф. Бокур, А. Пламондон Т. Дэйвис, П. Кейн, Х. Уотсон, Х. Уокер, М. О. де Фуа Сюзор-Коте, М. Каллен ж. б.) иштеген. 19-к-дын 2-жарымынан анча бийик эмес үйлөрү бар түз көчөлүү жаңы шаарлар, аларда амер. типтеги асман тиреген үйлөр пайда боло баштаган. Ө. ж. 19-к-дын 2-жарымы – 20-к-дын башындагы коомдук ж-а ишкер комплекстерге неоклассика ж-а неоготика мүнөздүү. 20-к-дын 2-жарымында интернационалдык стиль кеңири жайылган [Торонтодогу Доминион-сентер (1964–71, арх. Л. Мис ван дер Роэ) ишкана комплекси; Оттавадагы улуттук сүрөт борбору (1964–69)]. 20-к-дын 70-жылдарынан көп функциялуу заманбап имараттар курулууда. 20-к-да көркөм өнөрүндө шаар ж-а айыл пейзажы, элдик мотивге каныккан (Ж. У. Моррис, К. Ганьон), скульптура (Ф. Лоринг), графика (Э. Тейон-Томпсон), живопись (Д. Милна), пейзаж (Л. Карр), дизайн ж-а элдик чыг-лык өнүгүүдө.

Музыка жерг. калк м-н келгиндер[illegible] салттык музыкасынын негизинде өнүккөн. Англис-канадалыктар м-н француз-канадалыктардын музыкасы бири-бирине көз каранды жана өзүнчө өз алдынча өнүгүүдө. 18-к-дан чиркөө музыкасы басымдуулук кылса, 19-к-дан опера оюндары коюла баштаган. 19-к-дын 2-жарымынан ири шаарларда музыка өнөрү жандануп, ышкыбоздор коому түзүлүп, натыйжада улуттук музыка калыптанган. К-да алгачкы симф. оркестр «Квебек гармоникалык коому» (1819), Торонто (1845–94) ж-а Монреалда (1875–99) филармониялык коом пайда болгон. Өлкөдө хор мад-тынын өнүгүшүнө Монреалдын Мендельсон хору (1864–94) маанилүү роль ойногон. 19-к-дын аягында АКШ ж-а Европадан билим алып, ошол жакта иштеген канадалык профессионал комп-лор, музыкант-аткаруучулар (Э. Альбани, Э. Готье ж. б.) дүйнө таанымал болгон. 19-к-да К. Лавалле, А. Контан, Г. Кутюр ж. б., 20-к-дын 1-жарымында «Деирдра» операсын жаратуучу – Х. Уиллан, 20-к-дын 2-жарымында профессионал комп-лор Ж. Бекуит, Н. Бикфорт, Б. Матер, К. Вивье ж. б., пианисттер: Г. Гульд, О. Питерсон ж. б., ырчылар Т. Стратас, Н. Аржента, Й. Виккерс, П. Барца, ж. б. пианист ж-а комп. М. А. Амлен, дирижёр ж-а виолончелист Ш. Удре, музыка изилдөөчү И. Шартье, Т. Бейли, Т. Макжи ж. б. үзүрлүү эмгектенишкен. 20-к-дын 2-жарымында К-нын көп шаарларында консерваториялар, симф. оркестрлер ж-а опералык театрлар ачылган. Алгачкы канадалык профессионал хор коллективи «Фестивал Сингерс» (1954). «Тафельмузик» ансамбли (1979, Торонто) дүйнө таанылган. К-да көптөгөн муз. эл аралык конкурстар ж-а фестивалдар өткөрүлүп турат.

1930-жылдардын башында алгачкы балет коллективдери пайда болгон. 1951-ж. Торонтодо С. Франка К. улуттук балетти негиздеп, кийин ири балет тобуна айланган. 1957-ж. Монреалда ири канадалык балет «Людмила Ширяеванын балети» труппасынын негизинде К. чоң балети түзүлгөн. 1959-ж. К. улуттук балет алдында балет мектеби ачылган. О. эле «Виннипег заманбап бийчилери» (1964), Торонто бий театры (1968) ж. б. бий труппалары бар. 1985-жылдан

Монреалда жаңы бийлердин эл аралык фестивалы өткөрүлүп турат.

К. театр өнөрү 17-к-дан өнүгө баштаган. 1606-ж. Пор-Руаяль кыш-ндагы «Нептун» театрында М. Лескарбонун ыр түрүндөгү «Деңиз маскасы» пьесасы коюлган. 1788-ж. Галифакс гарнизонунда өткөрүлгөн Р. Шеридандын «Ушакчылар мектеби» спектаклинде офицерлер аял-



«Дракула» балетинен көрүнүш. Композитор Г. Малер. Виннипег королдук театры.

дардын ролун аткарышкан. 1789-ж. Галифакста, 1820-ж. Торонтодо, 1825-ж. Монреалда, Квебекте, 1862-ж. Виктория ж-а Гамильтон ш-нда театр курулган. Театр труппаларынын репертуарына канадалык драматургдардын (Ж. Кенель, Ч. Хевисиж, Ч. Мейр) чыгармалары кирген. 1-дүйнөлүк согушка чейин өлкөдө профессионал театрлардын көчүп жүрмө системасы кеңири тараган. 1940-жылдардын аягында ири шаарларда (Монреаль, Торонто, Оттава) профессионал театрлар иштей баштаган. Театр фестивалдары өткөрүлүп турат.

18-к-дын аягында К. аймагында амер. цирк труппалары гастролго келишкен. 1984-ж. Монреалда Г. Лалиберте жетектеген алгачкы улуттук цирк «Сирк дю Солей» («Күн цирки») ачылып, 21-к-дын башталышында трансулуттук корпорацияга айланган, бул циркте ар кайсы өлкөлөрдөн келген 500дөн ашык артист иштейт. 1993-ж. Квебекте Монреал цирк окуу жайынын (1981-ж. негизделген) бүтүрүүчүлөрү «Элуаз» жаштар циркин түзүшкөн.

К. аймагында алгачкы фильмди 1898-ж. Т. А. Эдисондун кесиптештери тарткан. 1900-жылдары өлкөгө иммигранттарды кызыктыруу максаты м-н документалдуу фильмдер тартыла баштаган. 1906-ж. Монреалда алгачкы кинотеатр ачылган. И. П. Салливен ж-а У. Х. Кованонун биринчи тарткан оюн фильми – «Эванжелина» (1914). 1922-ж. амер. Р. Флаэрти эскимостордун жашоо-турмушу ж-дө «Түндүктөгү Нанук» фильмин тарткан. 1931-ж. К-да алгачкы «Викинг» үндүү фильми тартылган. Улуттук киноматографиянын өнүгүшүнө 1939–46-ж. К-да иштеген англис режиссёру Ж. Грирсон чоң салым кошкон. 1943-ж. Улуттук кино кеңешинде анимация (мультипликация) секциясы негизделген. 1967-ж. кино өнүктүрүү б-ча Канада корпорациясы түзүлгөн соң, кино өндүрүшү жогорулаган. Монреал, Торонто, Ванкувер ж. б. ш-нда жылына ЭКФтер өтөт.

Ад.: *Антипова А. В.* Канада. Природа и естественные ресурсы. М., 1965; *Данилов С. Ю., Черкасов А. И.* Двенадцать лиц Канады. М., 1987; *Кулышев Ю. А.* Канада. М.,1989; *Овчаренко Н. Ф.* Канадская литература 20 в.: три грани революции. К., 1991; Современная Канада. М., 1998; *Акимов Ю. Г.* Очерки ранней истории Канады. СПб., 1999; *Соколов В. И.* Канада и международное экологическое сотрудничество// США–Канада, 2000. № 7; Канада//Большая Российская Энциклопедия. Т. 12. М., 2008.

Ө. Бараталиев, Ш. Керимова.

КАНА́ДА АНТИЦИКЛОНУ, Түн. Америка антициклону — басымдуу бөлүгү Түн. Американын үстүндө пайда болгон атм-нын жогорку басымдуу облусу. Борбору Канада туушта. Негизинен кышында атм. циркуляциянын натыйжасында аба ырайынын антициклондук режиминин үстөмдүк кылышынан пайда болот.

КАНА́ДА КАЛКАНЫ – Түн. Америка платформасынын түн. бөлүгүн, Гренландияны дээрлик бүт кучагына алган, кембрий мезгилине чейинки бүктөлгөн фундаменттин жер бетине чыгып калган урчугу. Тоо тектери өтө күчтүү метаморфизмделген, граниттешкен, к. *Түндүк Америка* (геол. түзүлүшү).

КАНАДАЛЫК АРКТИКА АРХИПЕЛАГЫ – Түн. Американын түн. четинде жайгашкан дүйнөдөгү эң ири аралдар тобу; Түн. Муз океанда. Канадага карайт. Аянты 1335 миң *км*². Негизинен Түн. Муз океаны (Бофорт, Линкольн деңиздери, Нарес, Гудзон кысыктары, Баффин деңизи, Фокс булуну) ж-а Атлантика океанынын Девис кысыгы м-н чулганат. Гренландиядан Нарес кысыгы, Баффин деңизи ж-а Девис кысыгы аркылуу болүнөт. Калкы сейрек, көбү – эскимостор. Архипелаг 36 563 аралдан турат, аның 15инин аянты 10 миң *км*²ден ашат. Ири аралдары: Баффин Жери, Элсмир, Виктория, Банкс, Девон.



Баффин Жери.

Аралдары материктик тайыздыкта жайгашкан; аларды терендиги 150–300 *м* кысыктардын таташ системасы бир нече топко (Свердруп аралдары, Парри архипелагы ж. б.) бөлөт. Рельефинде дөнсөөлүү түздүктөр ж-а платолор басымдуу, чыгышында бийик. 2926 *м*ге жеткен (Элсмир а-нда) тоо массивдери бар. К. А. а. негизи-

нен байыркы Түн. Америка платформасынын түн. чет-жакасында жайгашкан; платформанын кембрийге чейинки кристаллдык фундаменти архипелагдын чыгыш бөлүгүндө жер бетине чыгып турат (калкан). Түн. бөлүгүндө палеозойдун Иннуит алкагы созулуп жатат. Кен байлыктары: коргошун, цинк, полиметалл, темир, алтын, нефть, газ, көмүр ж. б.

Климаты архипелагдын басымдуу бөлүгүндө арктикалык, катаал, чыгышында дениздик, батышында континенттик, Баффин жери а-нын түш. бөлүгүндө субарктикалык. Январдын орт. темп-расы түш.-чыгышында −23°Сден түн.-батышында −35°С (абс. мин. −50°Сден төмөн). Аязсыз мезгил 1–4 айга чейин созулат, май айында абанын темп-расы кээде −30°Сге чейин төмөндөйт. Жайы өтө кыска, июлдун орт. темп-расы түндүгүндө 4°Сден түштүгүндө 7°Сге чейин (эң жогорку темп-ра 24°Сге жетет). Жылдык жаанчачыны түш.-чыгышында 450–600 *мм*, батышында 200–250 *мм*ге, түндүгүндө 100 *мм*ге чейин. Бул аймактар жылдын көп мезгилинде Арктика антициклонунун таасиринде болот. Бардык жеринде көп жылдык тоң таралган. Түндүгү ж-а түн.-чыгышы мөңгүлүү (жалпы аянты 154 миң *км*^{2}), түндүгүндө шельф муздары кездешет; кысыктарын жылына 9–10 ай бою муз каптайт. Көп жылдык пак муздарынын чеги архипелагдын түн.-батыш чети аркылуу өтөт. Түн.-батыш деңиз жолу өтүүгө өтө татаал. Жайында чыгышындагы кысыктарда (Гудзон, Дейвис, Ланкастер), о. эле материк жээктериндеги булун-кысыктарда муз салыштырмалуу аз болот. Түндүгүнө арктика чөлү, түштүгүнө мамык чөп-эңилчектүү ж-а мамык чөп-бадалчалуу тундра өсүмдүктөрү мүнөздүү. Жаныбарлардан түн. бугусу, ак аюу, ак түлкү, лемминг, тундра чили, эндемиктерден койбука (овцебык), жээк сууларында тюлень, кит, атлантика моржу мекендейт. Деңиз промысели, балык кармоо, аңчылык өнүккөн. Табияты коргоого алынган ири улуттук парктары: Сирмилик ж-а Ауюиттук (Баффин Жери а-нда), Куттинирпаак (Элсмир а-нда), Аулавик (Банкс а-нда). Негизги калктуу пункттары: Фробишер-Бей (Баффин Жери а-нда), Кембриж-Бей (Виктория а-нда), Резольют (Корнуоллис а-нда). Элсмир а-нда дүйнөдө эң түндүктөгү (82,50 түн. кеңдикте, Түн. уюлдан 834 *км* аралыкта) Алерт калктуу пункту орун алган. Девон – дүйнөдөгү эң чоң калк жашабаган (аянты 54 миң *км*^{2}) арал.

Ад.: *Антипова А. В.* Канада. Природа и естественные ресурсы. М., 1965.

КАНАДАЛЫКТАР – эл, Канаданын калкы. Жалпы саны 31,2 млн, а. и. Канадада 25 млн киши (2006). Канада калкынын 43%ин англис-канадалыктар, 24%ин француз-канадалыктар, 2%ин индейлер, эскимостор, о. эле Европадан барган немис, англис, италян, украин, орус, голланд, поляк, еврей ж-а амер-тар түзөт. К. англис ж-а француз тилдеринин канадалык вариантында сүйлөшөт. Англис-канадалыктардын динге ишенгендери протестантизм (пресвитериан, лютеран, баптисттер), француз-канадалыктар католицизм динин тутушат. 16–20-к-да алгач Европадан (француз, англис, шотланд, ирлан, уэльс, немис, голланд ж. б.), кийин АКШдан иммигранттардын Канада аймагына көчүп келип отурукташуусу м-н К. улут болуп калыптанган. Англис-канадалыктардын улуттук мадты англистердикине жакын. Эски жарларда англис үлгүсүндө салынган арх-ралык курулуштар сакталган. Айрым англис-канадалык топтордун турак жайлары, тамак-аш, ич-адат, салттары европалыктардыкына окшош. Алар Шотландиялыктардын колдоочусу Ыйык Андрей, ирландыктардын Ыйык Патриктин күндөрүн майрамдашат. Азыркы учурдагы чад-тына америкалыктардын таасири чоң.

КАНАДЗА́ВА – Япониядагы шаар. Хонсю а-нын батышында жайгашкан. Исикава префектурасынын адм. борбору. Калкы 457,4 миң (2008). Т. ж. станциясы. Деңиз порту (Кореянын Пусан порту м-н үзгүлтүксүз байланышып турат). Маэда сепили (16-к.), Нагамати самурайлар кварталы, гейшалар үйү (Эдо мезгили), буддисттердин ж-а синтоисттердин храмдары сакталган. Машина куруу, текстиль, полигр., тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт. Салттуу кол өнөрчүлүк (оюнчуктар жасалат, жибекке кол м-н сайма саюу, сусаль алтынынан буюм жасоо), фарфор-фаянс (жогорку сапаттагы «Кутании») ж-а лак буюмдар («Вадзима») өндүрүшү өнүккөн. Ун-ттер, технол. ин-т, коллеж, дизайн мектеби, музейлер (а. и. мемориалдык), жазуучулар Идзуми Кёка ж-а Муро Сайсэйдин үй-музейлери бар. Жыл сайын ар кандай фестивалдар өткөрүлүп турат. К-дан түш.-чыгышта Юваку ысык булагы жайгашкан.

КАН АЙЛАНУУ – *кан жүрүү системасы* б-ча кандын денеде жүрүшү. К. а. денеинин ички чөйрөсүндөгү зат алмашууну, жылуулукту жөнгө салуу, денеинин бардык органдарына, тканларына, клеткаларына керек заттарды жеткирүү, зат алмашуунун организмге керексиз заттарын бөлүп чыгаруу кызматын аткарат ж-а организмдин ар кандай функциясын гумордук жактан тейлейт. К. а. – организмдин тиричилигин камсыз кылуучу эң маанилүү физиол. процесс. К. а-ну англ. врач В. Гарвей 1628-ж. ачкан. Бул бардык жаныбарларга таандык. *Омурткасыздардын* көпчүлүгүндө ж-а жөнөкөй түзүлүштүү хордалуу жаныбарларда кан функциясын аткаруучу биол. суюктук–гемолимфа туташпаган (ачык) система б-ча, ал эми кээ бир омурткасыз ж-а бардык омурткалууларда, о. эле, кишиде да кан туташ (туюк) система м-н айланат. Гемолимфаны же канды бул системалар м-н агызуу ролун жөнөкөй түзүлүштүү жаныбарда тамырдын жыйрылып турууучу жери, татаал түзүлүштүү жаныбарда булчуңдуу орган – жүрөк аткарат. Балыктын жүрөгү 2 камералуу. Жүрөк карынчасы жыйрылганда кан курсак толтосуна, андан бакалоор тамырларына өтөт. Анда кан кычкылтекке каныгып, көмүр кычкыл газын чыгарып, жон толтосу аркылуу бардык органдар м-н ткандарга тарайт. Жерде-сууда жашоочулардын 3 камералуу жүрөгүнүн карынчасынан толтон жеткен кан түздон-түз органдар м-н ткандарга барат. Куштар, сүт эмүүчүлөр ж-а кишиде 4 камералуу жүрөк ишине байланыштуу. Сүт эмүүчүлөрдө К. а. эки тегеректен турат. Жүрөктүн сол карынчасынан толто аркылуу чыгып, артерия м-н бүт денеге таралып, андан вена тамырларына чогулуп, кайра жүрөктүн оң дүлөйчөсүнө келип кирген туюк жол К. а-нын чоң тегереги, ал эми жүрөктүн оң карынчасынан өпкөгө барып, андан кайра жүрөктүн сол дүлөйчөсүнө кайтуучу туюк жол К. а-нун кичине тегереги деп аталат. Бул тегеректер аркылуу кан денеде тынымсыз жүрүп, организмдин тиричилик аракетин колдойт. *Кан тамыр* аркылуу кандын жүрүшү жүрөктүн айдагыч функциясына байланыштуу. Жүрөк 1 минутада чыгарган кандын көлөмү минуталык көлөм деп аталат. Кандын жүрүшү токтоору м-н организм өлөт. К. а-нун бузулушуна организмдин жалпы өзгөрүшү, андагы түрдүү биол. заттар, мис., ички секреция бездеринин гормондору (адреналин, серотонин ж. б.) таасир этет. К. а-нун бузулуусу жерг. ж-а жалпы болуп болүнөт. Жерг. бузулуу кан тамырдын *гиперемия*, ишемиясы ж. б. ооруларында байкалат. К. а-ну жөндөө үчүн негизги ооруну (*жүрөк кемтиги, миокарддын инфаркты, гипертония ооруcу* ж. б.) дарылоо ж-а аны тейлоочу нерв борборун жөнгө салуу зарыл.

Ад.: *Джонсон П.*, Периферическое кровообращение. М., 1982; Физиология кровообращения / Под ред. Б. И. Ткаченко. Л., 1984 (Руководство по физиологии).

А. Раимжанов.

КАН АКИТАШ КЕНИ Баткен обл-нун Кадамжай р-нунда, Катран тоосунун түн. этегинде. 1973–75-ж. чалгындалган. Кен аймагын мезозойдогу чөкмө тектер түзөт. Үлүлдүү акиташ бор мезгилинде пайда болуп, 2–3 *км*ге чейин ичке тилке түрүндө созулуп жатат. Калыңдыгы 10–20 *м*. Жакшы сайкалданат. Блоктуулугу жакшы. Жылмалап сайкалданган бети кочкул сары түстө. Запасы 1 млн *м*^{3}. Дубалды кооздоп каптоого пайдаланса болот.

КАНА́Л (лат. canalis – түтүк, ноо) гидротехникада – суу агуучу жасалма нук. А. ч. өсүмдүктөрүн сугаруу үчүн айдоо аянтына суу жеткирет. К. – сугат тармагынын негизги болүгү. К. пайдаланышына жараша кеме жүрүүчү (жасалма суу жолу, мис., Суэц, Панама К-дары), энергиялык (суу сактагычтарга, гидроэлектр станцияларына суу жеткирүүчү), сугат К-ы (ирригациялык), жер кургатуучу, суу өткөрүүчү К. (Иртыш – Караганда К-ы), карагай агызуучу, балык өстүрүлүүчү ж-а комплекстүү К-дар (Волга – Дон К-ы) болуп айырмаланат. Сугат К-ы магистралдуу (башкы) же суу жеткирүүчү (дарыя, суу сактагыч ж. б-дан сугат жерге суу жеткирет) К-га, район аралык же чарба аралык суу болүштүрүүчү (башкы К-дан суу алып районго же чарбага берет), чарбалык (район же чарба аралык К-дан суу алып, чарбанын сугат жерине берет), сугаруу алдында салынуучу убактылуу К-дарга болүнөт. Дарыя, суу сактагыч ж. б-дан К-га суу алынуучу жерге суу топтогуч курулат. Суу К-га суу топтоочу курулма аркылуу өзү агып келет же насос станциясынын жардамы м-н берилет. К-дын туурасынан кесилиши трапеция, тик бурчтуу, парабола түрүндө болуп, бетине ж-а таманына бетон же темир-бетон, бурама темир-бетон төшөлөт. Бир К-дан экипчисине суу алынуучу жерге суу болүштүргүч курулуп, суу ченегич, жонго салгыч ж. б. м-н жабдылат. К. өтчү жер, К-дын өлчөмү, анда курулуучу гидротех. курулмалар тех.-экон., гидравликалык эсептөөлөрдүн негизинде аныкталат. К-ды пайдалануудагы негизги көрсөткүчтөр: суу өткөрүмдүүлүгү (К-дагы суунун эң чоң чыгымы – К-дын туура кесилишинен агып өткөн суунун өлчөмү, *м*^{3}/*сек*) К-дын аяк жагындагы суу чыгымынын анын башталышындагы чыгымына болгон катышы. К-дагы технол. процесстер автоматтык башкаруу системасынын жардамы м-н жонго салынат. Керектөөчүлөргө суу тийиштүү өлчөмдө болүштүрүлүп, бөөдө чыгымга учуратылбайт. Кырг-ндагы ири сугат каналдары – *Батыш Чоң Чүй каналы, Чыгыш Чоң Чүй каналы, Чоң Нарын каналы, Чоң Талас каналы* ж. б.

Ад.: Гидротехнические сооружения /Под ред. Л. Н. Рассказова и др. М., 1996. Ч. 1–2.

КАНА́Л кибернетикада – маалыматты берүүгө арналган түзүлүш. Кириш ж-а чыгыш маалыматтардын түзүлүшүнө жараша К. дискреттүү ж-а үзгүлтүксүз болуп болүнөт. **Дискреттүү** К-да маалыматтар бир түрдүү же ар кандай «алфавиттерден» турган «тамгалардын» удаалаштыгынан турат (к. *Код*). **Үзгүлтүксүз** К-да маалыматтар функциянын үзгүлтүксүз параметрлеринин (t) мааниси боло алат. Берүү, кабыл алуу, өзгөртүү ж-а маалымат каттоочу биргелешкен байланыш линиялары м-н жабдылган жасалгалардын жыйындысы маалымат К-ына кирет. К-дын баштапкы ж-а акыркы түзүлүштөрү телефон, телеграф аппараттары, магнитофон, перфоратор, ЭЭМ, лазер, акустикалык ж. б. приборлор болушу мүмкүн.

КАНАЛДЫК РЕА́КТОР, к. *Ядролук реактор*.

КАНАЛИЗА́ЦИЯ – ыпылас (заң-заара аралашкан) сууларды чогултуп, аны тазалоочу жайларга берүүчү инж. курулмалардын, жабдуулар-

дын ж-а санит. иш-чаралардын комплекси; ишгелип чыккан ж-а булганган катуу же суюк калдыктарды ж-а жаан сууларын чогултуп, калк жашаган пункттардан ж-а ө. ж. ишканаларынан сыртка агызып чыгаруучу жер астындагы суу жүргүчү түтүктөр системасы К. тармагы деп аталат. Жер асты м-н кир сууну алып чыгып, кайра иштетүүдө же атайын казылган көлмөлөргө куюуда санит. талап сакталышы керек. Шаарларда курулат ж-а шаар чарбасындагы негизги элемент болуп эсептелет. К-нын элементтери – санит. приборлор, агызуучу түтүктөр. Максатына ж-а жайгашышына жараша негизги 2 түргө бөлүнөт: и ч к и К. – имараттын ж-а ө. ж. ишканаларынын булганч ж-а жаанчачын сууларын сырткы К. түйүндөрүнө жеткирет; с ы р т к ы К. – агым чогулмаларын кайра иштетүүчү жайга же көлмөгө жеткирет; суу агызуучу түтүктөр, насос станциясы ж-а тазалоочу курулмалардан турат.

КАНА́НГА – Конго Демокр. Респ-нын түштүгүндөгү шаар. Лулуа провинциясынын адм. борбору. Калкы 509,9 миң (2008). Жолдор тоому. Т. ж. бекети. 1884-ж. Лулуабург деген ат м-н негизделген. 1962-жылдан Батыш Касаи провинциясынын борбору. 1966-жылдан азыркыдай аталат. Суфи-Тижания мечити, улуттук музей, пед. ин-т бар. К. алмаз казып алуунун ж-а а. ч. аймагынын борбору. Тамак-аш ө. ж., фармацевтика з-ду, ЖЭС иштейт.

КАНА́РИЯ АГЫМЫ – Атлантика океанынын түн. бөлүгүнүн чыгышындагы муздак агым. Түн. Атлантика агымынын батыш тармагы. Туурасы 400–600 *км*. Пиреней ж. а-н ж-а Африканын түн.-батышын жээктей түндүктөн түштүктү карай агат. Суусунун темп-расы февралда 12–23°С, августта 19–20°С. Агымдын ылдамдыгы 0,9–1,82 *км/саат*. Суусунун чыгымы 16 млн $м^3$/*секдай*; туздуулугу 36,0–36,8‰. Түштүктө Түн. Пассат агымына өтөт (Гвинея булунун карай бир аз багытталат).

КАНА́РИЯ АРАЛДАРЫ (исп. Islas Canarias – иттүү аралдар) – Атлантика океанындагы аралдар тобу, Африка (Марокко) жээгинен 100–120 *км* түн.-батышта. Испаниянын автономия облусу. Адм. борбору – Лас-Пальмас. Аянты 7,4 миң $км^2$. Калкы 2 млндой (2006). Негизги аралдары: Гран-Канария, Тенерифе, Фуэртевентура, Лансароте. Аралдары жанартоодон пайда болуп, базальт тоо тектеринен түзүлгөн. Өчкөн ж-а аракеттеги жанартоолор (6) бар. Бийикт. 3718 *м*ге чейин (Тенерифе а-ндагы Тейде аракеттеги жанартоосу). Климаты субтропиктик океандык, мелүүн ысык ж-а кургак. Жээктеринде айлык орт. темп-расы 19–22°С, жылдык жаанчачыны 300–500 *мм*. Тропиктик дайыма жашыл токой ж-а бадал өсүмдүктөрү басымдуу. Флорасынын курамында эндемия түрлөрү арбын (ажыдаар дарагы, канария курма пальмасы, канария кызыл карагайы). К. а-нын аймагынын 40% аянты коргоого алынган; Гарахонай (Гомер а-нда) ж-а Тейде (Тенерифе а-нда) улуттук парктары *Буткул дүйнолук мурастын* тизмесине кирген. Туризм (пляждык, спорттук, экол.) өнүккөн. Тропиктик дыйканчылык өнүккөн. Балык кармалат. Кышкы курорттор бар. Башкы шаарлары, ири порттору ж-а курорттору: Лас-Пальмас (Гран-Канария а-нда), Санта-Крусде-Тенерифе (Тенерифе а-нда). Атлантика океанындагы маанилүү транзиттик база.

КАНАТ ХАН, К а н а т Ы б ы к [illegible] у у л у (Абукин) (1860, Кочкор өрөөнү – 1916, Верный) – 1916-жылдагы улуттук-боштондук кыймылынын көрүнүктүү жетекчиси. Саясий ишмердиги 25 жашында башталган. 1885-ж. Абалда болуштугунун (Кочкор өрөөнү) башчылыгына шайланган. К. х. билимге умтулган адам болуп, 1914-ж. өз каражатына Талаа-Булакка медресе салдырган. Ыскак деген баласы Уфадагы «Медресе-и Галияда», кичүү балдары Пишпектеги гимназияда окуган. 1916-ж. 25-июндагы падышанын буйругуна ылайык, жерг. элден 19 жаштан – 43 жашка чейинкилерди аскердик-оорук иштерине алуу үчүн Пишпек уездинин убактылуу начальниги Рымшеевич 6-августта болуш башчыларын жыйнап, жумушка алынуучулардын тизмесин берүүнү талап кылган. Эл акылдашып, аны аткаруудан баш тарткан (к. *Кыргыздардын 1916-ж. көтөрүлүшү, Уркун*). Ошол жыйында К. х-дын башына ак селде, үстүнө кызыл жибек чепкен, алдына ак боз ат мингизип, хан шайлап, ант беришкен. 10-август күнү К. х. ж-а Д. Шыгаев башкарган 3 миң кол Столыпино (азыркы Кочкор) айылын камоого алышкан. Столыпино бошотулгандан кийин К. х. 2 миңден ашык колу м-н Шамшынын бели аркылуу Чүйгө аттанган. Шамшы, Тынай, Бурана, Нурманбет ж. б. болуштугу чогулуп, аны экинчи жолу хан көтөрүшөт. Кегети, Подгорный, Сынташ, Кең-Булун, Эски Токмок (Покровка) ж. б. айылдарды каратып, Жаңы Токмокту курчоого алышкан. Ташкенттен 4 пулемёт, 1 замбирекчен жазалоочу отряд (4 рота) ж-а казак-орус аскер бөлүгү келип, 22-августта К. х-дын колун кайра Кочкорго чегинүүгө аргасыз кылган. Бул жерден ага 700 киши м-н *Көкүмбай* Чыны уулу кошулган. 25–26-августта алар Нарындан келе жаткан орус отрядын тосуп, Жоон-Арык, Боз-Бекет ж-а Кочкордо салгылашкан. Куралы начардыгынан жеңилүүгө учураган көтөрүлүшчүлөр 5 күндөн кийин Тармал-Сазга чегинген. Ушул учурда Жумгал тараптан келген орус отряды аларды курчоого алып кырышкан. К. х. Кытайга бара жатып, жазалоого кабылган элден бөлүнбөйм деп кайра кайтып келген. Ал 18-октябрда туткундалып, Верный ш-нда өлүм жазасына буйрулган.

Ад.: *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. Т. 2. Б., 1993; Уркун. 1916/ Түз.: Э. Кылычев, Н. Капаров. Б., 1993; *Усенбаев К.* 1916: Героические и трагические страницы. Б., 1997; *Егембердиев Ж.* Канат хан. Б., 2006; *Т. Асанов, Э. Турганбаев.*

КАНАТТУУ РАКЕ́ТА, к. *Ракета.*

КАН БАСЫМЫ – кан тамырлардагы кандын жүрөк ишинен пайда болгон гидродинамикалык басымы. Артериялык басымдын чоңдугу жүрөктүн жыйрылуу күчүнө, жүрөктөн чыккан кандын өлчөмүнө, кан тамыр капталдарынын кан агуу тосмосуна, о. эле жүрөктүн жыйрылуу ылдамдыгына, кандын илээшкектигине ж. б. байланыштуу болот. Артериядагы К. б. жүрөктүн сол карынчасы жыйрылганда (систола) жогорулайт. Бир учурда жүрөк 60–70 *мл*ге жакын кан чыгарат. Мындай өлчөмдөгү кан майда кан тамырлар (чырыкча капиллярлар) аркылуу дароо агып өтө албайт. Ошондуктан *толто* чоюлат да, андагы басым жогорулайт (систолалык басым). Нормада ал жоон артерияларда 110–130 *сым. мам. мм*ге жетет. Жүрөк карынчаларынын жыйрылуу аралыгында (б. а. диастола) чоюлуп турган кан тамырлар м-н жоон артериялар жыйрылып, канды капиллярларга түртөт. К. б. төмөндөп, диастола аяктарда төмөнкү деңгээлге жетет. Систолалык ж-а диастолалык басымдардын айырмасы п у л ь с деп аталат. Кан тамырдагы К. б. жүрөктөн алыстаган сайын азаят. Мис., толтодо К. б. 140/90 *сым. мам. мм* түзөт (биринчи цифра – систолалык же жогорку басымды, экинчиси диастолалык же төмөнкү басымды билдирет). К. б., адатта, артериялык басымды ченөө м-н аныкталат. Жаш өткөн сайын К. б. өзгөрөт, күч келүү, эмоциялык чыңалуу ж. б-дан жогорулайт. К. б-нын деңгээлин нерв-рефлекстик механизмдер жөнгө салып турат. Анын туруктуу жогорулашын – артериялык гипертензия, ал эми төмөндөшү гипотензия деп аталат.

КАНБЕ́РРА – Австралиянын борбору (1927-жылдан) шаар. Австралиянын түш.-чыгышында, дөнсоолүү түздүкто, деңиз деңг. 600 *м* бийикте, Берли-Гриффин жасалма көлүнүн жээгинде жайгашкан. Калкы 329,2 миң (2008). К. шаар айланасы м-н өз алдынча адм. бирдикти түзөт. Өлкөнүн ил., ишкер ж-а маданий борбору. Т. ж. аркылуу Сидней ш. м-н туташат. Шаар амер. арх. У. Б. ж-а М. М. Гриффиндердин долбоору б-ча (эл аралык конкурста женген) 1913-жылдан курула баштаган. Эл аралык аэропорту бар. Шаардын экономикасынын негизин тейлөө чөйрөсү түзөт. Коомдук, мамл. ж-а саясий уюмдардын штаб-квартиралары, улуттук ири банктардын өкүлчүлүктөрү жайгашкан. Тамак-аш, жеңил, полигр. ө. ж. ишканалары иштейт. ИА, Улуттук CSIRO агентчилигинин штаб-квартирасы, Австралия аборигендерин ж-а Торрес кысыгындагы аралдардын жашоочуларын изилдөөчү ин-т, ун-ттер, китепканалар, улуттук галереялар, илим ж-а техника улуттук борбору, музейлер (а. и. динозаврлар), театрлар (а. и. опера), Австралия аскер мемориалы ж. б. бар. Бардык курулуштары неоклассика стилинде салынып, 11–12 кабаттуу үйлөрдү курууга тыюу салынган. Ботан. бак, зоопарк ж-а аквариум уюштурулган. Жыл сайын улуттук фольклор ж-а гүлдөр фестивалдары өткөрүлүп турат.



Шаардын жалпы көрүнүшү.

КАНГЕЛДИЕВ Азамат Нурказыевич (4. 7. 1957-ж. т., Фрунзе) – саясат таануу илимд. доктору (1992), проф. (1993). С. Киров атн. Казак мамл. ун-тин (1980), ММУнун аспирантурасын (1988) бүтүргөн. 1980–84-ж. Орус тили ж-а ад-ты пед. ин-тунда окутуучу, доцент, 1984–93-ж. декан, 1993–96-ж. Кыргыз-немис соода үйүндө менеджер, директордун орун басары, КР мамл. бажы инспекциясынын башкы инспектору, 1996–2001-ж. Бишкек эркин экон. зонасынын начальниги, Бишкек ш-ндагы бажыкананын начальниги, финансы министрлигинин алдындагы Мамл. бажы инспекциясынын директорунун орун басары, 2001–04-ж. КР Эсеп палатасынын төрагасы, 2004–05-ж. Чүй обл-нун губернатору, 2005–10-ж. Ж. Баласагын атн. КУУда проф., 2010-жылдан КР Жогорку Кеңешинин депутаты. 2-класстагы мамл. кеңешчи.

КАНГЕЛДИЕВА Айгүл Аманбековна (11. 1. 1960-ж. т., Талас р-ну, Көпүрө-Базар айылы) – медицина илимд. доктору (2005). КММИни (1983), Эне ж-а баланын саламаттыгын сактоо б-ча бүткүл союздук ил. из. борборунда (Москва) аспирантураны бүтүргөн (1988). 1988-жылдан Кыргыз акушерлик ж-а педиатрия ИИИде улук ил. кызматкер, 1991–97-ж. ошол эле ин-ттун гинекол. эндокринология бөлүмүнүн башчысы. 1997-жылдан Кырг-н адам репродукциясы ил. борборунун директору. К. гинекология ж-а акушерлик б-ча адис. 80ден ашык ил. иштери, а. и. 1 монографиясы жарык көргөн.

Эмг.: Гинекологическая заболеваемость в репродуктивном возрасте и патогенетические варианты нарушений эндокринной функции репродуктивной системы. Б., 2003.

КАНДАВА – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Алтын-Булак айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1360 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 24 *км* түш.-чыгыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 16 *км*. Кыш-

так 1920-ж. негизделген. Калкы 900 (2010); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенип, мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП, мечит, медресе бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү ж. б. иштейт.

КАНДАГАЙ – жоого, балбан күрөшкө, эр сайышка, оодарышка баатырлар, балбандар кийүүчү чалбар шым. К. багыштын, бугунун, тоо текенин, серкенин же жаш бодонун терисинен малмага салынып, ийленип, ышкын түпкө, чүкүрүгө, эңгилчекке же кабыкка боёлуп жасалган. К. багалеги кенен, согончокко жете узун, кашатынан карышча жери эки катталып шырылып, тигиштерине башка түскө боёлгон жаргактан милте коюлуп, кош тарамышталып тигилген. Кашатына тигилген бүгүшкө кайыштан ычкыр өткөрүлгөн. Ага үстүңкү кийимдерин шымданып, белин токулган кооз боолуу ычкыр м-н байланган. Моңгол тилинде «хандгай» багышты билдирет. Кыргыздар бир кезде бул сөздү өз тилинде колдонгон болушу керек. Качан кыргыздар жер которуп келгенде, ал аймакта бул жаныбардын жок болгондугуна карабай, сөз ошол жаныбардын терисинен жасалган шымдын атында сакталып калган. Балбандарга, баатырларга кандагайдын эмес башка жаныбарлардын терисинен шым тигип калган кезде деле эл оозунда эски аты сакталып калган.



КАНДАГА́Р – Афганстандын түш.-чыгышындагы шаар. Кандагар вилаейетинин (адм.-айм. бирдик) адм. борбору. Аргандаб д-нын өрөөнүндө, деңиз деңг. 1000 *м* бийикте, айланма автотрассанын жээгинде жайгашкан. Автомобиль жолу аркылуу Кветта ш. м-н (Пакистан) байланышат. Калкы 347,3 миң (2008); калкынын саны б-ча өлкөдөгү 2-шаар. Эл аралык аэропорту бар. Александр Македонский мезгилинде негизделген. 1818–55-ж. Кандагар княздыгынын борбору. 1855-жылдан Афганстандын курамында. Шаар 1979–81-ж. *Афган конфликтинде (1979–89)* катуу жабыркаган. 1990-жылдын башынан «Талибан» кыймылынын негизги таяныч пункттарынын бири. Алтын жалатылган кумпалуу ж-а кооз мунаралуу Ахмад-шах Дуррани мавзолейи, жума намаз окулчу мечит, сепилдин калдыктары (б. з. ч. 1-миң жылдыкта) ж. б. сакталган. Тамак-аш (жемиштер беленделет), текстиль (кездеме, кийиз, жибек, кыл торко) ө. ж. ишканалары иштейт. Эң эски карапа чыгаруу өндүрүшү, жарым баалуу асыл таштардан, металлдан буюм жасоо, тор токуу ж-а сайма саюу (өзгөчө эркектердин көйнөгүнө ж-а моюн орогучка) өнүккөн. К-га жакын б. з. ч. 5–4-миң жылдыктардагы тургун жайлардын калдыктары, Мундигак ш-нын урандысы, хан Мир-Вайса мавзолейи, Бабур салдырган аска бетиндеги тепкич ж-а портиктүү оюк (Чихиль-Зина) сакталган. *Т. Чодураев.*

КАНДЕ́ЛА (лат. candela – шам) – жарык күчүнүн эл аралык бирдиктер системасынын бирдиги. Белгилениши *кд.* К. – темп-расы платинанын катуулануу темп-расына (2042 К) карабар, басымы 101325 *Па* ж-а туурасынан кесилиш аянты 1/600000 $м^2$ болгон толук нур анткычтын бул кесилишке тик багыт б-ча нур анткан жарык күчү.

КАНДИ́ (англ. Kandy; сингалча Мала-Нувара – «Улуу шаар») – Шри-Ланкадагы шаар. Борб. провинциянын адм. борбору. Өлкөнүн борб. тоолуу бөлүгүндө, Канди платосунда, Махавели-Ганг д-нын боюнда жайгашкан. Калкы 118,2 миң (2008). Король Викрамабаху III 14-к-да негиздеген. 1592-жылдан Цейлон (учурда Шри-Ланка) а-нын түш.-батышын ж-а түндүгүн португалиялыктар басып алышкандан кийин көз каранды эмес Канди сингал мамлекетинин борбору. 1815-жылдагы келишим м-н Британия империясынын курамына киргенден борбор статусун жоготкон. Буддалардын ыйык шаарларынын бири. Шаардын борборунда 18 мунаралуу таш дубал (16-к-дын аягы 17-к-дын башы) м-н курчалган сингал салттуу арх-расынын курулуштары сакталган Зуба храмы (16-к-дын аягы –18-к.), о. эле Натха-Дэвале (14-к.), Вишну-Дэвале (18-к.) храмдары, Асгирия-Вихара (14–17-к.), Малватта-Вихара (16–18-к.) будда монастырлары, Ыйык Павел собору. Шаардын борбору *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. К-ден 5 *км* Перадениядa Азиядагы эң ири Король ботан. багы (1821; бөлмө өсүмдүктөрүнүн 750 түрү ж. б.) бар. К-ге жакын Хиндагала үнкүрүндө 5–7-к-га таандык жазуулар бар. Кустардык кол өнөрчүлүк ж-а туризм өнүккөн.

КАНДИДО́З, к а н д и д а м и к о з – теринин, былжыр челдин ж-а ички органдардын ачыткы мите козу карындар козгоочу оорусу. К-дун пайда болушуна углевод алмашуунун бузулушу, ичегинин дисбактериозу, организмге керек заттардын жетишсиздиги, *антибиотиктерди* врачтын көзөмөлүсүз көп колдонуу себеп болот. Ашкере колдонулган антибиотик зыяндуу микробдор м-н бирге тамак сиңирүүгө катышуучу микробдорду жок кылып, адамдын териси ж-а былжыр челиндеги микроорганизмдердин биол. тең салмактуулугун бузат. Натыйжада антибиотиктердин таасирине чыдамдуу К-дун козгогучтары (кандида) өтө тез көбөйүп, ооруну пайда кылат. К. м-н ооз ичи, жыныс органдарынын былжыр чели, тери бүктөөлөрү, тырмактын түбү ж. б. жабыркайт. Ооз былжыр челинин К-у эмчектеги балада ж-а улгайган кишиде көп жолугат. Организми начарлаган, оорукчал балада адегенде оозул пайда болуп, тили, бүйлөсү кызарып, андан кийин ак катмар м-н капталат, ал оңой сыйрылып, кайра пайда болуп турат. Өтө семиз кишинин ж-а баланын чатында, манжа арасында пайда болот. Эгер оору көпкө созулса, ичеги, карын, өпкө клеткаларын бузуп, канга өтөт да, бүт денени ууландырат. Жашылча-жемиш м-н, о. эле мончодо иштеген ж-а идишаяк жууган адамдардын тырмагынын түбү жабыркайт. Ошу лабор. жол м-н аныкталат. Дарылоодо м-н козу карынга каршы дарылар берилет. Алдын алуу үчүн жеке тазалыкты сактап, антибиотик ж. б. дарыны врачтын көрсөтмөсү м-н гана колдонуу зарыл.

КАН-ДӨБӨ ШААР КАЛДЫГЫ, Т о ң ш а а р к а л д ы г ы – 6–12-к-га таандык археол. эстелик. Ысык-Көл аймагындагы Туура-Суу айылынын сол тарабында жайгашкан. Шаар үч бөлүктөн: борб. бөлүгү (цитадель), анын айланасындагы шаардыктардын турак жайлары ж-а курулуш имараттарынан (шахрстан) турган. Шаар сокмо дубал (бийикт. 4–8 *м*, туурасы 3–5 *м*) м-н курчалган. Тоолорго ыңгайлуу кароол дөбөлөр тургузулуп, андан ондогон *км* аралыктагы жерлер көрүнгөн. Шаардын 100 *га*га чейинки аянттарында карапайым калктын, кол өнөрчүлөрдүн ж-а дыйкандардын турак жайлары, ал эми шаардын борб. бөлүгүндө ж-а шахрстанда шаар башкаруучуларынын, дөөлөттүү адамдардын турак жайлары, чарбактары жайгашкан. Археол. изилдөөлөрдө чарбалык мүнөздөгү курулуш имараттары, жейрендин алтын, короздун коло сөлөкөттөрү, коло билерик, шакек, шам чырак орнотулуучу буюм, белине кылыч асынган, он ок элинин жоокер аялын чагылдырган таш айкел, темирден жасалган буюмдар, тыйын, карапа, жаргылчактар, бышкан кыштардын калдыктары табылган. Шаар ж-дө маалыматтар о. кылымдардагы жазма булактарда кездешет. Бул шаар тууралуу 19-к-дын 70-жылдарында В. В. Герн, Н. В. Сорокин, В. П. Поярков, С. М. Дудиндин маалыматтарында, о. эле В. В. Бартольддун эмгектеринде эскертилет. Археологдор А. Н. Бернштам ж-а Д. Ф. Винник, 2010-ж. Кыргыз-Түрк «Манас» ун-ти (жетекчиси К. Табалдиев) уюштурган археол. экспедициясы изилдеген.



Колодон куюлган короздун скульптурасы. 2010-ж.

КАНДЫН УЮШУ – суюк кандын коюуланышы. Организмди кан көп жоготуудан сактоочу биохим. реакция. Кан тамырдан чыккан кан 5–12 минутада уюйт. Ал – кан уютуучу факторлордун кан плазмасынын белоктору ж. б. катышуусу м-н жүрүүчү процесс. Мында кан плазмасынын белогу протромбинге таасирин тийгизип, аны тромбинге, тромбин болсо, кандагы фибриногенди фибринге (коюу килкилдекке) айлантат. Кан организмде суюк түрүндө гана өз кызматын аткара алат. Кан тамырдын бир аз эле бөлүгүндөгү кандын коюлуп калышы анын кан тамыр аркылуу жүрүүсүнө чоң тоскоол келтирип, ар кандай оор кабылдоого алып келиши мүмкүн. Көп ооруларда кан уютуучу бир же бир нече фактор жетишпей калат (тубаса же кийин пайда болгон), анын кесепетинен К. у. начарлайт. К. у. бузулганда, тромб, б. а. кан тамырда уюган кан пайда болот (к. *Тромбоз*). Витамин жетишсиздиги же антикоагулянттарды кабыл алуу кандын уюшун начарлатат. Ошондуктан кан ооруларын дарылоодо канды коюлтуучу ж-а суюлтуучу факторлорду текшерүү өтө чоң мааниге ээ.

КАН-ЖАЙЛОО МӨҢГҮСҮ – Борб. Теңир-Тоодогу бутактанган өрөөн тибиндеги мөңгү. Сары-Жаз суусунун алабында. Эңилчек кырка тоосунун ортоңку бөлүгүндө, анын түн. айрыгынын араларында жайгашкан. Уз. 13 *км*, аянты 32,5 $км^2$. Мөңгүнүн башы деңиз деңг. 5257 *м*, этеги 3150 *м* бийикте. Кар чегинин бийикт. 4200 *м*. Мөңгү мезгил-мезгили м-н тартылып, кайра ордуна келип турат. Андан Эңилчек суусунун сол куймасы Ат-Жайлоо суусу башталат.

КАНЖАР – бетме-бет кармашууда саюу үчүн колдонулуучу кош миздүү курал. Мыкты болоттон толтолонуп, катуу жыгач, сөөк ж-а мүйүздөн кооздолуп сап жасалат. Анын тагынууга ыңгайлуу асемделген кыны болот. Кынындагы бүлдүргөсү м-н курга бекитилет. К. шамшар деп да айтылат.



1 – канжар; 2 – канжардын кыны.

КАН ЖОЛ – эки аймакты, шаарларды, өлкөлөрдү ж. б. байланыштырып турган, унаа көп жүргөн

негизги чоң жол. Мис., Кырг-ндагы Бишкек –Торугарт, Бишкек – Ош ж. б. автомобиль жолдору. Кырг-нда терминдин 1-компоненти кошулган оронимдер да бар, мис., Кан-Тоо, Кан-Теңир тоо тоому ж-а чокусу, Кан-Жайлоо мөңгүсү ж. б.

КАН ЖҮРҮҮ СИСТЕМАСЫ – жаныбарлар м-н адам организминде *кан* же гемолимфа айлануучу *кан тамыр* ж-а көңдөй системалар. Кандын үзгүлтүксүз айланышын *жүрөк* ж-а кан тамырлар камсыз кылат. Бул системанын жардамы м-н ткань ж-а клеткалар тамак заттарын, кычкылтекти алат, зат алмашуу продуктуларынан бошонот. Көпчүлүк омурткасыздардын (муунак буттуулар, моллюскалар), жөнөкөй хордалуулардын К. ж. с. туташпаган (ачык); адам ж-а бардык омурткалуулар, кээ бир омурткасыздардыкы туташ (туюк) болот. К. ж. с. туташпаган (ачык) жаныбардын тамыр капталы жок, жылчык сымал боштуктар (чуңкур, коңул) м-н бөлүнгөн. Мында дененин бүткүл ткандарына кан (гемолимфа) тикеден тике тийишүү м-н катташат. Туюк К. ж. с. бар жаныбарда кан тамыр м-н айланып, кан м-н ткандын ортосундагы зат алмашуу тамырдын капталы (керегеси) аркылуу жүрөт. Адам, омурткалуу жаныбар, кээ бир омурткасыздардын К. ж. с-нын башкы органы – жүрөк. Жүрөктөн кан агып чыгуучу тамырлар артерия, ага кан алып келүүчү тамырлар вена деп аталат. К. ж. с. бакалоор м-н дем алган *оймок ооздуулар* ж-а *балыктарда* (эки түрдүү дем алуучулардан башка) кан айлануунун бир тегерегинен, өпкөсү м-н дем алган [illegible]дык омурткалуу жаныбарларда ж-а кишиде[illegible] айлануунун эки тегереги (чоң ж-а кичин[illegible]олот, к. о. эле *Жүрөк, Кан айлануу* макала[illegible]ын.

КАНЖЫГА – ат жабдыктарынын [illegible]ри; ар кандай буюмду байлап алуу ж-а бөкт[illegible]ү үчүн ээрдин эки жак капталынын арткы четине бекитилген чагаракка же көзөнөккө чие түйүлгөн ичке кош кайыш боо. К. ийленген кайыштан тилинип, кез-кез майланып турат. Уз. 0,5 *м*че болот. Бешик же бала өңөрүүдө аялдардын ээринин эки капталынын алдыңкы четине да К. тагылат.

КА́НЗАС-СИ́ТИ – АКШнын Ортоңку Батышындагы аты окшош жанаша турган эки шаар. Канзас ж-а Миссури штаттарынын чек арасында, Канзас д. Миссури д-на куйган жерде жайгашкан. Калкы 441,1 миң (2008; Миссури штатындагы) ж-а 142,1 миң (Канзас штатындагы). Бул эки шаар бир агломерацияны түзөт (калкы 1,9 млн; курамына бир нече майда шаарлар кирет). Ири жолдор тоому. Маанилүү дарыя порту. Куур магистралдар түйүнү (а. и. газ кууру). Эл аралык аэропорту бар. К.-С-нин агломерациясы өлкөнүн геогр. борборуна жакындыгынан «Американын жүрөгү» деп аталат. К.-С. 1821-ж. негизделген. 1853-жылдан шаар[illegible]389-жылдан азыркыдай аталат. Шаардын [illegible]омерациясы – өлкөнүн башкы тамак-аш (п[illegible]инен ун, эт) борбору. Автомобиль чогултуучу, нефть ажыратуу, полигр. (а. и. куттуктоо откр[illegible]ткаларын чыгаруучу дүйнөдөгү эң ири «Hallmark Cards» компаниясынын штаб-квартирасы), электроника ж. б. ө. ж. ишканалары иштейт. Шаарда бульварлар ж-а фонтандар (200дөн ашык; Парижден гана калышат) көп кездешет. Эл аралык академиялар, ИИИлер, ун-ттер, ин-ттар, китепканалар, музейлер ж. б. бар.



Кан жүрүү системасы:
I Балыктыкы: 1 – бакалоор кан тамырлары; 2 – дене кан тамырлары; 3 – жүрөк толтосу; 4 – жүрөк карынчасы.
II Жерде-сууда жашоочулардыкы: 1 – өпкө кан тамырлары; 2 – оң жүрөк толтосу; 3 – сол жүрөк толтосу; 4 – жүрөк карынчасы; 5 – дене кан тамырлары.
III Адамдыкы: 1 – баш ж–а моюн кан тамырлары; 2 – кол кан тамыры; 3 – толто; 4 – өпкө венасы; 5 – өпкө кан тамырлары; 6 – карын кан тамырлары; 7 – көк боор кан тамыры; 8 – ичеги кан тамырлары; 9 – бут кан тамырлары; 10 – бөйрөк кан тамырлары; 11 – боор кан тамырлары; 12 – төмөнкү күрөө вена тамыры; 13 – жүрөктүн сол карынчасы; 14 – оң карынчасы; 15 – жүрөктүн оң толтосу; 16 – сол толтосу; 17 – өпкө артериясы; 18 – жогорку күрөө вена тамыры.



Шаардын ж[illegible]ы көрүнүшү (арткы планда Канзас дарыясы).

КАНИБАДАМ – Тажикстандын түндүгүндөгү шаар. Согд обл-нда. Фергана өрөөнүнүн батыш бөлүгүндө, Чоң Фергана каналынын боюнда жайгашкан. Канибадам т. ж. бекетинен 6 *км*. Калкы 58,3 миң (2008). Жолдор тоому. Болжол м-н 9–10-к-да пайда болгон. Алгач 1463-ж. эскерилет. 1937-жылдан шаар. Машина куруу, металл иштетүү (велосипед, майыптар үчүн коляска ж. б.), жеңил (пахта тазалоочу, текстиль, тигүү), тамак-аш (жашылча-жемиш консервалары, ширелер) ө. ж. ишканалары ж-а «Шохон» нефть ажыратуучу з-ду [Канибадам ж-а Бадкуанд (Кырг-ндагы) кендеринин негизинде] иштейт. Көркөм кол өнөрчүлүктүн байыркы борбору. Мир-Ражаб-Додхо (16-к.) ж-а Оим (17–18-к.) медреселери, Лангари-Бобо мавзолейи (17–18-к.), мунара (19-к.) ж-а салттуу кооздолгон мечиттер сакталган. Тарыхый-край таануу музейи, муз.-драма театры бар.

КАНИГУТ ПОЛИМЕТА́ЛЛ КЕНИ Баткен р-нунда, Шураб ш-нан 20 *км* түш.-батышта, деңиз деңг. 1500–1800 *м* бийикте. Кен жерг. элге илгертен белгилүү. 1948–53-ж. чалгындоо, 1989–92-ж. издөө иштери жүргүзүлгөн. Кен аймагын палеозой заманында пайда болгон чөкмө тектер түзөт. Тоо тектер бүктөлүүгө дуушарланып, синклиналдык түзүлүштү пайда кылган. Полиметалл кени синклиналдык түзүлүштүн түн. канатында, акиташ тектериндеги тектон. терең жаракаларга топтолгон. Кенташ тулкулары линза, уя, тарамча түрүндө, калыңдыгы 20–40 *м*ге жетет. Негизинен галенит, сфалерит, марказит, гематит, пирит, халькопирит, лимонит, гетит, пиролюзит, ярозит ж. б. турат. Кендеги коргошундун кондициялык өлчөмү 2,3%, цинк – 1,89%. Кен гидротерм процессинен пайда болгон. Запасы C_1 категориясы б-ча: коргошун 4,8 миң *т*, цинк 2,1 миң *т*; C_2 категориясы б-ча коргошун 4,0 миң *т*, цинк 1,8 миң *т* (1952). 1950-жылдан казып алынат. Кендеги күмүштүн запасы C_1+C_2 категориясы б-ча 76,3 *т*, болжолдуу ресурсу 282,86 *т*, бардыгы 357,36 *т*.

КАНИГУТ ҮҢКҮРҮ – байыртадан кен казылып алынуучу үңкүр. Баткен р-нундагы Самаркандек кыш-нан 18 *км* батыш тарапта, Мадыген тоосунун чыгышындагы Шадымир өрөөнүндөгү Занкур капчыгайында жайгашкан. Кырг-ндагы эң чоң үңкүр. Жерг. калкка байыртадан эле белгилүү болуп, аны Занкур деп аташкан. Жалпы уз. 3000 *м*ден ашат. Эки оозу бар. Негизги оозу 9×8 *м* өлчөмүндө, тоонун түш.-чыгыш капталында капчыгайга кире бериштен орун алган. Үңкүрдүн чыкчу оозу кирчү оозунан 50 *м* жогору, эң терең чуңкуру оозунан 34 *м* төмөн жайгашкан. Анын айланасындагы аймактарды адамдар кул ээлөөчүлүк доордо эле мекендегени анык. Алгачкы ил. чалгындоо иштерин 1895-ж. март айында Археология сүйүүчүлөрдүн Түркстан ийриминин мүчөлөрү М. С. Андреев м-н Н. Г. Маллицкий жүргүзгөн. Ташкентте ийримдин кезектеги отурумунда М. С. Андреев бул ил. изилдөө ж-дө доклад жасап, Варух капчыгайындагы аска ташты ж-а үңкүрдүн оозуна чегилген арабча жазуулардын көчүрмөсүн көрсөткөн. Отурумдун жыйынтыгында үңкүрдү изилдөөнү улантуу ж-дө чечим чыгарылган. К. үңкүрү сов. доордо ар тараптан изилденген. 6–7-к-да үңкүрдөн коргошун, темир казылып алынган. Кокон хандыгынын мезгилинде жерг. кыргыздар үңкүрдөн коргошун казып алып тургандыгы ж-дө маалымат бар. «Канигут» (Ажал кени) аталышы Кокон ханы Кудаяр м-н байланыштуу, ал өлүм жазасына тартылгандарды күмүш казып алуу үчүн үңкүргө түшүргөн. Үңкүрдүн жанында таштан салынган турак жайдын урандылары бар.



Канигут үңкүрү. Баткен.

КАНИМЕТОВ Абдылда – (18. 8. 1928, Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Шалбаа кыш. – 28. 11. 1999, Бишкек) – тарых илимд. доктору (1987), проф. (1968). 1950-ж. ММУну бүткөн. 1950–55-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунда ил. кызматкер, 1955–59-ж. Кырг-н КП БКнын алдындагы парт. мектепте окутуучу, кафедра башчы-



сы, директордун орун басары, 1959–61-ж. Кырг-н КП БКнын мектеп ж-а ЖОЖ бөлүмүнүн башчысы, 1961–62-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советине караштуу Жогорку ж-а атайы орто билим берүү б-ча к-ттин төрагасы, 1962–77-ж. Кыргыз ССР элге билим берүү министри, 1977–88-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунда директор, 1989-жылдан сектор башчысы, жетектөөчү ил. кызматкер. К-дун ил. эмгектери Кырг-ндын маданий курулушуна, элге билим берүүнүн ж-а *Интергельпонун* тарыхына арналган. 200дөй ил. эмгектин (а. и. 40тай монография, окуу китеп) автору. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1962–79). 3 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Бишкек ш-ндагы №1 мектеп-интернатына ысмы ыйгарылган.

Эмг.: *Каниметов А. К., Маречек Р. П., Мужиков И. П.* Чехословакиялык «Интергельпо» кооперативинин тарыхы. Ф., 1958; *Каниметов А. К.* Народное образование Советской Киргизии за полвека. Ф., 1972; *Каниметов А.* Наш друг Юлиус Фучик. Ф., 1976.

КАНИМЕТОВ Жангороз (30. 3. 1950-ж. т., Ысык-Көл обл., Түп р-ну, Токтоян айылы) – педагог, мамл. ишмер, педагогика илимд. доктору (2010). КРдин II класстагы мамл. кеңешчиси (2000). Кыргыз ССРинин Билим берүүсүнүн отличниги (1979). СССР Билим берүүсүнүн отличниги (1987), КРдин эмг. сиң. мугалими (1995). КР Жогорку Кеңешинин үч жолку депутаты (1995–2000–05; 2007–10). КРдин «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамынын (2000), «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын (2003), «Жалпы орто билим берүү жөнүндө» мыйзамынын (2009) автору. Москвадагы Эл аралык педагогикалык билим берүү академиясынын академиги (МАНПО, 2009). Каракол (мурдагы Пржевальск) мамл. пед. ин-тун (1971), Ж. Баласагын атн. Кыргыз улуттук ун-тин (1999) бүтүргөн. Түп р-нундагы Сан-Таш айылынын Каркыра орто мектебинин (1971–79), Арал орто мектебинин (1979–84), Кайкин атн. орто мектебинин директору (1984–87), Ак-Суу райОНОсунда Элге билим берүү башкармалыгынын башчысы (1987–88), Кыргыз ССРинин Элге билим берүү министрлигинде бөлүм башчы (1988–91), Ысык-Көл обл. билим берүү башкармалыгынын башчысы (1991–97), Кыргызстандын Билим берүү кызматкерлеринин конгрессинин президенти (2004-жылдан), КР Билим берүү ж-а илим министринин орун басары (2007), «Ысык-Көл» коомдук фондунун төрагасы (2001–10), КР Жогорку Кеңешинин парламенттик кыргыз-түрк кызматташтык тобунун жетекчиси (2007–10) болгон. Кыргыз-Түрк «Манас» ун-тинин проф. (2010-жылдан), КРдин «Даңк» медалы м-н сыйланган (1999).

Эмг.: О молодёжи и молодёжной политике КР. Б., 1999; Основные направления демократизации образования в КР. Б., 2004; Государственно-общественное управление образования в КР. Б., 2005.

КА́НИН ЖАРЫМ АРАЛЫ – Россиянын Европа бөлүгүнүн түндүгүндөгү түздүктүү жарым арал. Архангел обл-нда, Ненец автономия округунда. Ак деңиздин түн. бөлүгүн Барен деңизинин Чеша булуңунан бөлөт. Аянты [illegible] миң *км*². Уз. 300 *км*ден ашык. Түндүгүндөгү [illegible]ато сымал Канин Камень токол тоосу (бийик[illegible]41 *м*ге чейин), түн.-батышта аскалуу Кани[illegible]ос тумшугу м-н бүтөт. Калган бөлүгүндө о[illegible]ндуу жайпак түздүктөр басымдуу; андагы [illegible]рена дөбөдөңсөөлөрү жалдарды пайда кылат. Бардык жеринде түбөлүк тоң кездешет. Деңиз ташкыны андагы тайыз дарыялар б-ча 60 *км*ге чейин жогору көтөрүп, көп жерин суу каптайт (лайда). Саз ж-а көл көп. Накта тундра ландшафты (Канин тундрасы) мүнөздүү. Балык ж-а деңиз айбанаттар промыселдери, бугу чарбалары бар.

КАНИФО́ЛЬ – ачык сары түстөн кочкул күрөң түскө чейинки айнек сымал морт зат. Ийне жалбырактуу дарактардын чайырынан скипидарды бөлүп алгандан кийинки калдык. К. эфирде, спиртте, бензолдо ж-а скипидарда – жакшы, бензинде, керосинде, фурфуролдо начар эрийт, сууда эрибейт. 52–75°Сде ысытканда жумшарат; б. эрүү t 100–140°С. К. ж-а андан алынган заттар (эфирлери, диендик синтез заттары) кагаз чаптоодо, боёгуч лактарды (алкид, фенол-формальдегид), чайырларды, самын, линолеум, синтездик каучук, электр өткөрбөөчү тетиктерди өндүрүүдө колдонулат.

КАН КЕНТАШ КАЛДЫГЫН САКТОО ЖАЙЫ Баткен обл-ндагы Совет шаарчасына жакын жайгашкан. 1950-ж. ишке киргизилген. Аянты 175 миң *м*². Мында Кан кенташ башкармалыгында иштетилген калдыктар (коргошун, оор металл ж. б.) сакталат. Гамма нурлануу өлчөмү ж-дө так маалымат жок. Жер титирөөгө туруктуулугу 9 балл.

КАНКУ́Н – Мексикадагы шаар. Кинтана-Роо штатында. Юкотан ж. а-нын түн.-чыгышында жайгашкан. Калкы 654,4 миң (2008). Эл аралык аэропорту бар. Мухерес а. м-н деңиз аркылуу байланышат. Мексикадагы эң ири деңиздик климаттык курорт. К-га эл 16-к-да эле отурукташа баштаган. 1970-жылдан шаар. Ун-ттер (технол., Кариб) бар. Шаардын экономикасынын негизин туризм түзүп, меймандарды кабыл алуу ж-а аларды тамак-аш м-н камсыздоого тыгыз байланышта. Көптөгөн бульварлар, 140ка жакын отелдер (түрдүү класстагы), 380ге жакын ресторан, көп сандаган соода борборлору ж-а клубдар иштейт. Лагуна м-н шуру рифтери туристтерди өтө кызыктырат. Экол. парктар уюштурулган.

КАН КУЮЛУУ, к. *Инсульт.*

КАН КУЮУ – дарылоо максатында оорулуунун кан тамырына (реципиентке) донор канын же кан дары-дармектерин куюу. Эритроциттин санын толуктоо, айланган кандын көлөмүн ж-а анын осмос басымын калыбына келтирүү үчүн, о. эле ууланганда канга аралжы заттар (физиол. эритме) пайдаланылат. Оорулуунун канына донордун кан[illegible] туура келгенде гана куюлат. Хирург. опер[illegible]я убагында кеткен канды толуктап, оору[illegible]ун организмин уулуу заттардан арылтып, [illegible]екцияга туруктуулугун жогорулатат, кан [illegible]ымын жөнгө келтирип, дем алууну жакшырта[illegible] Оорулууга түздөн-түз донордон реципиентке[illegible] алдын ала консерваланып, даярдалган ка[illegible]куюлат. Ар бир К. к-нун алдында кан топтору[illegible] резус-фактор, донор м-н реципиенттин канын[illegible] биол. жактан туура келиши текшерилет. Эреже б-ча бирдей топтогу кан куюлат. 1-топтогу резус – терс кан башка бардык топтогу оорулуунун канына туура келет. К. к. катуу кырсыкка кабылганда, кан көп кеткен операцияда, ичке кан көп акканда, күйүктө, аз кандуулукта, жугуштуу ооруларда ж. б. колдонулат.

КАН ЛИСТВЕНИ́Т КЕНИ Баткен обл-нун Кадамжай р-нунда. Алай кырка тоосунун түн. этегинде, деңиз деңг. 1200–1400 *м* бийикте жайгашкан. 1982-ж. табылган. Кен аймагын уз. 30 *км*, туурасы 1 *км* болгон гипербазит тоо тек массиви түзөт. Лиственит гипербазиттин арасында жатат. Кен өз-өзүнчө 4 участкадан турат. Абид-Сайдагы лиственитти сыртка чыгып жаткан аянты 3600 *м*², Нормат-Сайда – 2100 *м*², Тегирмен-Таш-Сайда – 9600 *м*² ж-а Жолборс-Сайда – 5000 *м*². Лиственит кооз, боз жашыл ж-а жашыл түстө, жакшы сайкалданат. Бекемдиги канааттандырарлык. Арасында ар кандай калыңдыкта агат сымал калцедондун майда тарамчалары кезигет. Лиственит кооз буюмдарды жасоого жарактуу. 10 *м* тереңдикке чейинки болжолдуу ресурсу 20,3 миң *м*³.

КАННИБАЛИ́ЗМ (фр. cannibale – киши жегич) – 1) алгачкы жамааттык коомдо адамдардын кишинин эти м-н тамактануусу. Анын 2 түрү болгон: тиричилик ж-а диний. Таш доорунун алгачкы мезгилинде колдонулуп, коомдун өнүгүшү ж-а тамак-аштын көбөйүшүнө байланыштуу тиричилик К-и сейрек учурайт. Диний К. узакка сакталган, анда өлтүрүлгөн же колго түшкөн душмандарынын айрым мүчөсүн ырымдап жешкен. Мындай үрп-адат өлгөн душмандын күчү ж. б. касиеттери жеген кишиге өтөт деген түшүнүккө негизделген; 2) бир түрдөгү айбандардын бирин бири жеп коюшу. К. – табигый тандалуунун түр ичиндеги атаандаштык көрүнүшү. Көбүнчө ыңгайсыз шартта, жут жылдары арбын байкалат. Мис., катаал кышта карышкыр, илбирс ж. б. ири жырткыч бирин бири, энеси балдарын жеп коёт. Ун коңузу өз сиркесин жеп, тукумун артыкбаш көбөйүп кетүүдөн сактайт. Кара курттун ж-а жаачынын ургаачысы жалгашкандан кийин эркегин жеп коёт. Айрым жырткыч балыктар чабактары м-н азыктанып, жемсиз жашай берет.

КА́НО – Нигериянын түндүгүндөгү шаар. Кано штатынын адм. борбору. Калкы 2,3 млн (2008); калкынын саны б-ча өлкөдөгү 3-шаар (Лагос, Ибадандан кийин). Ири жолдор тоому. Эл аралык аэропорту бар. Болжол м-н 9-к-да негизделген. Курми рыногу (16-к.; Батыш Африкадагы эң байыркы), ун-ттер, коллеж, Нигерия полиция академиясы, китепканалар, музейлер бар. Кол өнөрчүлүктүн (эмалданган идиштер, темир ж-а күмүш буюмдар жасалат, тери ийленип, сафьян беленделет, кездемелер боёлот) ири борбору. Металл иштетүү, тамак-аш (май, эт), хим., текстиль, цемент ж. б. ө. ж. ишканалары иштейт. Зоопарк уюштурулган.

КАНО́Н (гр. kanón – норма, эреже, чен-өлчөм) – 1) көркөм сүрөт өнөрүндө – көркөм чыгарманын *колорит* ж-а *композиция* нормаларын, анын пропорциялар системасын же иконографияны белгилөөчү так калыптанган эрежелердин жыйындысы. Ал о. эле нормативдик үлгү болуп кызмат кылган чыгарма деп да аталат. К-дун теор. негизин байыркы грек скульптору Поликлет «Канон» аттуу чыгармасында (б. з. ч. 5-к.) иштеп чыккан. Алгачкы К. адам денесинин пропорцияларынын төп келишкен үлгүсүн түшүндүргөн. Динге байланышкан К. системасы Чыгыштын, Африканын, Американын байыркы мад-тында, Европанын ж-а Азиянын о. кылым иск-восунда кеңири тараган. К. көркөм чыгарманын сан-түзүмдүк модели болуп эсептелет; 2) музыкада – обон (бир же бир нече) өзү м-н өзү контрапункт түзүүчү полифониялык форма. Тех. жактан көбүнчө тууроого негизделет. К. добуштарынын саны чектелбегендигине карабастан 2–4 үндүү болот.

КАНО́Н ф и л о с о ф и я д а – өзгөрбөс, бузулбас катары кабылданган (догмат түрүндөгү) жоболор, эрежелер, нарк-насилдер. 1) Библия К-у чиркөө «кудайдын деми сиңген» деп эсептеген ж-а таат-ибадат кылууда «ыйык жазуу» катары колдонулган Библия китептеринин жыйындысы. Православие, католик, протестант чиркөөлөрүнүн К-дорунда айырмачылыктар бар; 2) чиркөөлүк К. – догматика, ырым-жырым, чиркөө ишин уюштурууда христиан чиркөөсү мыйзамдаштырган эрежелер; 3) өтмө мааниде – жалпы кабыл алынып, биротоло бекитилген жоболор.

КАНО́Э (испанча canoa – кичине кайык; кариб индейлеринин тилинен өздөштүрүлгөн) – 1) Түн. Америка индейлеринин жыгачтын чулу сөңгө-

гүнөн оюп жасалган же жыгач каркасы тери м-н капталган кайыгы; калак бекитүүчү оюктары жок, бир жагы м-н шилөөчү калактары болот; 2) спорттук чакан кайык. Анын чондугу, салмагы, формасы мелдеш эрежелерине ылайыкталып курулат. К. б-ча эл аралык федерация 1946-ж. уюшулган.

КАН ПАЙДА БОЛУУ, гемопоэз – жаныбарлар м-н адамдын кан клеткаларынын пайда болуу, өөрчүү, жетилүү процесси. Адам м-н омурткалуулардын кан клеткалары аз убакыт жашайт (мис., адамдын эритроцити 120, лейкоцити 5, тромбоцити 4 күн, лимфоцит бир нече күндөн бир нече айга чейин). Организмде кан клеткаларынын тынымсыз бузулуп турганына карабастан, жаңысы м-н алмашып, канда алардын саны өмүр бою бир калыпта сакталып турат. Омурткасыз жаныбарларда кан көндөй суюктугунда ж-а кандын өзүндө пайда болот. Кан сүт эмүүчүлөр м-н адамда кан пайда кылуучу органдарда пайда болот: эритроциттер, лейкоциттер ж-а тромбоциттер – сөөк кемигинде; лимфоциттер лимфа түйүндөрүндө, көк боордо, богок безинде, сөөк кемигинде жаралат. Кан пайда болуу ж-а кан клеткаларынын сан ж-а сапатынын өзгөрүүлөрүн бир катар гормондор, витаминдер (мис., B_{12}, фоли к-тасы), о. эле өзгөчө заттар – гемопоэтиндер жөнгө салып турат. Сүт эмүүчү жаныбар м-н адамдын түйүлдүгүндө К. п. б. мезенхима клеткаларынан башталат. Кандын алгачкы пайда болуусу 19 күндүк эмбриондон (түйүлдүктүн экинчи айында) байкалат. Кийинчерээк боордо – эритроциттер ж-а лейкоциттер, богок безинде лимфоциттер жаралат. Түйүлдүк 4 айга караганда К. п. б. кемик м-н чучукта жүрөт. Бул мезгилде лимфа түйүндөрү калыптанып, анда лимфоциттер пайда болот. Көк боордо К. п. б. бала төрөлгөндөн кийин башталат. Кан жоготууда, канда кычкылтек жетишпегенде, сезгенүү процессинде, жугуштуу ооруларда организмде К. п. б. күчөйт. Бул организмдин коргонуу функциясын билдирет. Организмде темир, B_{12} витамини жетишпегенде, көк боор ооруганда, айрым уу заттар м-н ууланганда К. п. б. начарлап, *аз кандуулукка* алып келет.

КАН ПОЛИМЕТА́ЛЛ КЕНИ Баткен обл-нун Кадамжай р-нунда. Фергана ш-нан түш.-батыш тарапта, Алай кырка тоосунун түн. тармагы Катыран тоосунун түн. этегинде, деңиз деңг. 1100–1300 *м* бийикте жайгашкан. Кен илгертен белгилүү. Кен серпентинитке айланган ультранегиздүү тоо тектердин арасында жайгашкан. Анын аймагында силур, девон ж-а таш көмүр мезгилдеринде пайда болгон сланец, акиташ теги жатат. Кенташ негизинен галенит, сфалерит, пирит минералдарынан түзүлүп, альбитофир, акиташ, сланец, серпентинит ж-а брекчияларда кездешет. Кенде линза, шток, тарамча ж. б. татаал түспөлдөгү ар түрдүү 80 кенташ тулкусу бар. Алардагы коргошун 50,5%, цинк 20%ке жетет. Кен герцин металлогендик доорунда гидротермден пайда болгон. 1950–74-ж. казып алынып турган.

КАНПУ́Р – Индиянын түн. бөлүгүндөгү шаар. Уттар-Прадеш штатында. Ганг д-нын оң өйүзүндө жайгашкан. Калкы 3,1 млн (20[illegible]). Маанилүү жолдор тоому. Алгач кыштак [illegible]ары 1579-жылдан эскерилет. Индиянын и[illegible]ода ө. ж. борбору. Машина куруу, металл [illegible]түү (самолёт, станок куруу, электр-тех. ж. б.[illegible]м. (пластмасса буюмдар, самын ж-а кир кө[illegible]үчү каражаттар), жеңил (булгаары-бут к[illegible]), тамекаш (күрүч акталат, татымалдар) ө. [illegible]. ишканалары иштейт. О. эле текстиль (кебез, жибек, кыл торко ж-а синтетика кездемелер) ө. ж. өнүккөн. Ун-ттер, ин-ттар бар.

КАН СЕРПЕНТИНИ́Т КЕНИ Баткен обл-нун Кадамжай р-нунда, Кан шаарчасынан 15 *км* чыгышта, Алай кырка тоосунда, деңиз деңг. 1000–1300 *м* бийикте. 1955-ж. изилденген. Серпентинит Кан кенташ талаасынын ультранегиздүү тектери м-н туташ жатат. Уз. 8 *км*, туурасы 2 *км*, терендиги 400 *м*ге чейин. Бардык иликтелген сынамыктарда MgOнун орт. өлчөмү 33%ти түзөт, зыяндуу кошундунун (фторлуу кальцийдин) жоктугу анын сапатын жогорулатат. C_2 категориясы б-ча серпентиниттин запасы 21 млн *т*, MgOго эсептегенде 7 млн *т*.

КАН СОРГУЧТАР (Hippoleoscidea) – кыска мурут чымындар тукуму. Уз. 4–8 *мм*. Сүт эмүүчүлөр м-н канаттуулардын кан соргуч сырткы мителери. Күчтүү буттары ж-а кошумча тишчелүү тырмактары м-н жаныбардын жүнүнө ж-а канатына жабышат. Канаттуулары ээсине жолукканда, канатын жоготот. Кээ бир түрү таптакыр канатсыз болот. 200дөн ашык түрү бар. Көпчүлүгү жаныбардын бир гана түрүнө ылайыкташып, ошонун гана денесинде мителик кылат. Личинкасы жумурткалыктын жатын сымал кеңейген жеринде өөрчүп, сүт бездери сыяктуу 2 чоң бездин секрециясы м-н азыктанып, куурчакчага айланууга даяр туулат. Алар бугу, жылкы, уй, кой, ит, канаттуу ж. б-дын К. с-ы болуп бөлүнөт.

КАНСЫЗ СОГУШ – дүйнөлүк согуштан кийин пайда болгон термин. СССР ж-а башка соц. өлкөлөр м-н АКШ ж-а анын союздаштарынын ортосундагы согуштук-саясий конфронтация. *Экинчи дүйнөлүк согушта (1939–45)* Германия, Италия ж-а Япониянын жеңилиши м-н дүйнөдөгү саясий абал кайрадан өзгөрүп, күчтүү эки держава (СССР, АКШ) түзүлгөн. Алардын жеке көз карашы өз алдынча саясий догмага айланып, бул учур курал-жарактуу түз пайдаланбай, б. а. бири-бирине каршы турган согуштук-саясий блок, стратегиялык-согуш базаларын ж-а плацдармдарды түзүү, түрдүү экон. кысымдарды (эмбарго, экон. блокада) кеңири колдонуу м-н мүнөздөлгөн. К. с. *Октябрь революциясынан (1917)* кийин Советтер Союзунда марксизм-ленинизмдик идеологияга басым жасалышына байланыштуу эки системанын (к. *Капитализм, Социализм*) карама-каршылыгы күчөп, акыры пролетариаттын жардамы м-н социализм жеңет ж-а коммунизм орнойт деген ил. көз караш аркылуу калыптанган. 1945-жылдан кийин дүйнөдөгү көп полюстуу өнүгүү эки гана полюстуу (биполярдык) [illegible]үгө өтүп, өзгөчө 1947-ж. *У. Черчиллдин* Фу[illegible]адогу (АКШ) сүйлөгөн сөзүнөн кийин мына[illegible]ирешүү өзүнүн эң жогорку деңгээлине жет[illegible]. Ал эми дүйнөдө *Социалисттик лагерь*[illegible]үзүлүшүнө байланыштуу ядролук (АКШда 1945-ж., СССРде 1949-ж.), водороддук бомб[illegible]арды (АКШда 1952-ж., СССРде 1953-ж.) сын[illegible]ж. б. жаңы согуштук куралды өнүктүрүү күч[illegible]алган. АКШ Түн. Атлантика согуш блогун (НАТО), СССР Экон. өз ара жардамдашуу кеңешин (СЭВ) ж-а Варшава келишимин түзгөн. Мындай тирешүүлөр Германиянын ГДР м-н ГФРге (1949) ж-а Кореянын Түн., Түш. болуп бөлүнүшүнө (1953) алып келген. 1960-жылдардын аягында Чыгыш Европада СССРдин үстөмдүгүнүн бекемделиши ж-а АКШнын Вьетнамга ийгиликсиз интервенциясы, Кытай м-н СССРдин ортосундагы коммунисттик идеологиядагы келишпестик ж-а *Кошулбоо кыймылынын* түзүлүшү, 1960-жылдарда К. с-тун курчтугун азайткан. Эки өлкөдө тең салмактуу (паритет) абал түзүлүп, саясий мамилелер да өзгөрө баштаган. Эки мамлекеттин ортосунда мамиленин жакшырышына байланыштуу атмосферада, космосто ж-а сууда ядролук куралды сыноого тыюу салуу (1963), аны таратпоо келишимдери (1968) түзүлгөн. 1970-ж. АКШ м-н СССРдин ортосунда стратегиялык куралдануунун чектөө (ОСВ-1, ОСВ-2) ж-а ракетага каршы коргонуу (ПРО) келишимдерине кол коюлган. Бирок 1979-ж. СССРдин Афганстанга аскерин киргизиши ж-а АКШнын ОСВ-2 келишимин ратификациялоодон баш тартышы м-н эки мамлекеттин мамилеси начарлап, К. с-тун күчөшүнө түрткү болгон. 1980-жылдардагы Советтер Союзундагы кайра куруу, айкындуулук, куралсыздандыруу (куралдануунун контролго алуу) б-ча сүйлөшүүлөр, 1989-ж. сов. аскердин Афганстандан чыгышы, соц. лагердеги, кийин СССРдеги саясий-экон. кризистер, Варшава келишиминин таркатылышы (1990), Германиянын биригиши (1990) Чыгыш-Батыш мамилелеринин жөнгө салынышына шарт түзгөн. Натыйжада Чыгыш м-н Батыштын ортосундагы эл аралык мамиленин курчушун күчөтө турган экон., ил.-тех. шарттар негизги ролун жоготкондуктан, 80-жылдардын аягында – 90-жылдардын башында мурдагы соц. системадагы көптөгөн өлкөлөр демокр. негизде кайра түзүлгөндүгүнө байланыштуу К. с. токтогон.

КАНТ Иммануил (22. 4. 1724, Кёнигсберг, азыркы Калининград – 12. 2. 1804, ошол эле жер) – немис философу, немис классикалык философиясынын негиздөөчүсү. Кёнигсберг ун-тинин проф. Петербург



ИАнын чет элдик ардактуу мүчөсү (1704). 1747–55-ж. Күн системасынын баштапкы тумандуулуктан келип чыккандыгы ж-дө космогониялык гипотезаны иштеп чыккан («Жалпы табигый тарых жана асман теориясы», 1755). 1770-жылдан «сынчыл философияны» өнүктүрүп («Таза акыл-эсти сындоо», 1781; «Практикалык акыл-эсти сындоо», 1788; «Ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн сындоо», 1890), эмгектеринде кургак ой жүгүртмө метафизиканын ж-а скептицизмдин догматизмине каршы чыгып, таанылып билинбөөчү «өзүндөгү нерселер» (туюмдун объективдүү булагы) ж-а чексиз, мүмкүн тажрыйбалар чөйрөсүн түзүүчү таанылып билинүүчү кубулуштар ж-дөгү дуалисттик окууну киргизген. Таанымдын шарты – туюмдардын баш аламандыгын (хаосун) иретке салуучу жалпы маанилүү априордук формалар. Кудай, боштондук, өлбөстүк идеялары теор. жактан далилденбегени м-н «практикалык акыл-эстин» постулаттары, адеп-ахлактын зарыл өбөлгөлөрү болот. Парыз түшүнүгүнө негизделген К. этикасынын борб. принциби – категориялык императив. К-тын теор. акыл-эс антиномиясы ж-дөгү окуусу диалектиканын онүгүшүндө чоң роль ойногон. Марксизм-ленинизм классиктери К-тын философиясын сынга алып, анда субъективдүү идеалисттик, агностикалык ж-а матер. тенденциялар аралашып кеткендигин көрсөткөн.

КАНТ – Чүй обл-нун Ысык-Ата р-нундагы шаар (1985-жылдан), райондун борбору (1998-жылдан). Республиканын борбору Бишкектен 20 *км* чыгыш, облустун борбору Токмок ш-нан 40 *км* батыш тарапта. Бишкек – Балыкчы автомобиль ж-а т. ж-нун боюнда жайгашкан. Шаар 1929-ж. кыштак катары негизделген. Калкы 21,6 мин (2007). Т. ж. бекети. Кант ш. – Чүй обл-нун ө. ж-луу борборлорунун бири. Шаарда тогуз ө. ж. ишканасы бар. Алар: «Кант цемент-шифер комбинаты», «Кант типография», «Кумшагыл», «Дан-азык» АК, «Абдыш ата», «Кант-



«Абдыш-Ата» коомунун кире бериши.

сүт», «Блиц-1», «Кыргызмунайзат» ЖЧКлары, тажрыйба-ремонт – эксперименттик-мех. ж-а нан з-ддору. Шаарда кесиптик-тех. окуу жайы, лицей, 5 орто ж-а муз. мектеп, китепканалар, 5 бала бакча, балдарды эстетикалык жактан тарбиялоо борборлору, мад-т үйү, клуб, стадион ж. б. бар. Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, санитария-эпидемиол. станциясы, балдардын кардиоревматология санаторийи, оорукана, бейтапкана, «Экофарм», аптекалар, мончо, сауналар, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, базар, ресторан, кафе-барлар ж. б. иштейт. Шаардын чегинде бир нече мечит ж-а 2 чиркөө жайгашкан.

КАНТА́БРИЯ ТООЛОРУ Испаниянын түндүгүндө, Атлантика океанындагы Бискайя булуңун жээктей 500 *км*ге созулат. Бийикт. 2648 *м*ге чейин. Түн. капталдары тик, аскалуу, дарыялардын капчыгай сымал кууш өрөөндөрү м-н терең тилмеленген, Месетага караган түш. капталы жантайыңкы. К. т. герцин бүктөлүү структурасына кирет. Бийик батыш бөлүгү (Астурия кырка тоосунун орт. бийикт. 2000 *м* чамасында) рельефинин татаалдыгы м-н өзгөчөлөнөт, жапызыраак чыгышынын (100[illegible]–1500 *м*) тоо кырлары ж-а капталдары жай[illegible]раак келет. Карст рельефи (үңкүр, туңгую[illegible] б.) кеңири таралган. Жаан-чачын көбүре[illegible]жааган түн. капталдарына жазы жалбырак[illegible]ж-а аралаш токой (эмен, бук, каштан, к[illegible] карагай), түштүгүнө ксерофит бадалдары, [illegible]0 *м* бийиктен өйдө альп шалбаасы мүнөзд[illegible] Таш көмүр, темир ж-а полиметалл кендери б[illegible]

КАНТАЛАЛАР, ч а л а к а т у у к а н а т т у у л а р (Heteropnera же Hemiptera) – курткумурска түркүмү. Денесинин уз. 0,7 *мм* –12 *см*. Ооз органдары соргуч тибинде. Муруту 4–5, кээде 1–3 муунактуу. Эки жуп канаты учпай турганда курсагын тыгыз жаап турат. Алардын ичинен кыска канаттуулары ж-а канатсыздары (мис., төшөк канталасы) да кездешет. Душмандарынан коргонуу үчүн чоңдору көкүрөгүнүн алдындагы, личинкалары курсагындагы бездеринен сасык жыт чыгарат. Жумурткадан чоң канталага чейинки өөрчүшү толук эмес айлануу жолу м-н өтөт. К-дын жер бетинде 50 тукумга кирген 25–30 миң түрү таралган. КМШ өлкөлөрүндө 40 тукумга кирген 2–2,5 миң түрү бар. Түрдүү шартта (кургак, суу, топурак ж. б.) жашайт. Кургакта жашоочулары өсүмдүк ширеси, суудагылары курт-кумурсканын личинкасы, жумурткасы, айрымдары балыктын икрасы же чабактарын соруп азыктанып, балык чарбасына зыян келтирет.



Канталалар: 1– кадимки суу чаяны; 2 – көк суу чөлмөк; 3 – чырылдак кантала; 4 – саз суу ченегич; 5 – жер канталасы; 6 – мырза карагай канталасы; 7 – төшөк канталасы; 8 – куурайчы кантала; 9 – кызылчачы сокур кантала; 10 – сүйрү баш калкандуу кантала; 11 – кычы канталасы; 12 – даракчыл жашыл кантала; 13 – италия канталасы.

Ад.: Жизнь животных/ Под ред. Л. А. Зенкевича. Т. 3. М., 1969.

КАНТАЛАМ[illegible]Й, у п а й – чүкө оюну. Оюнга катышуучул[illegible]ын макулдашуусу м-н бир нече басым же ү[illegible]чүкө (үч чүкө) ортого салынып, арасында ка[illegible]талган өзгөчө түстөгү бир чүкө же сака ко[illegible]т. Оюн ат калчашуудагы ирет б-ча башта[illegible]Оюнга салынган чүкөлөрдү бир адам кош ч[illegible]лдеп, кийиздин үстүнө жая чачат. Кан таа [illegible]шсө, оюнчулар чачылган чүкөлөрдү талап [illegible]ришет. Шамдагай оюнчу канга, чүкөлөрдүн көбүнө ээ болот. Ушундан улам бул оюн К. деп аталат. Чүкөлөр талангандан кийин ким канча чүкө алганы эсептелип, албай калгандары башка чүкөсү болбосо, оюндан чыгып калат. Канды алган киши оюнду кайра баштайт. Улам кийинки оюнга чогултулган чүкө ар бир оюнчудан бирдей санда чыгарылат. Андан артып калган чүкөлөр утуш катары ар бир оюнчуда кала берет. Калчаганда кан таа түшпөй калса, канды, чүкөлөрдү талоого болбойт. Оюнчулардын макулдашуусу б-ча кан таланбай да ойнолот. Калчаган киши сөөмөйүнүн учу м-н чачылган чүкөлөрдү чикти чикке, бөктү бөккө, тааны таа, алчыны алчы м-н башка чүкөлөргө тийгизбей таамай атса, атылган чүкөнү алат. Оюнчу беш үчүм, үч үчүм же бир үчүм атып алгандан кийин, колундагы чүкөлөрдү башка колуна көтөрбөй туруп, канды атат да, аны атып алса, кийинки оюнду баштоого укук берилет. Жыдыганга чейин атып алган чүкөлөр ж-а кан анда калат. Ок чүкө аткан чүкөгө тийбей калса же башка чүкөгө тийип кетсе, жыдып, чүкөлөрдү калчоо укугу кийинки оюнчуга тиет. Оюндун аягы чексиз. Уткан киши төөматек, чекеге чертмей ж. б. жаза колдонот.

КАН ТАМЫРЛАР – киши ж-а жаныбардын канын жүрөктөн дене ткандарына жеткирүүчү (артериялар, артериолдор, артерия капиллярлары) ж-а андан кайра жүрөккө алып келүүчү (веналар, вена капиллярлары) түтүктөр. Артериялар кычкылтекке каныккан канды орган, мүчө ж-а ткандарга жеткирет. Анын жүрөктөн чыккан өтө жоон жери толто деп аталат. Толтодон ар бир мүчөгө өзүнчө артерия кан тамырлары бөлүнүп чыгат. Ал артериялар бара-бара ичкерип, майда кан тамырларга, капиллярларга өтөт. Веналар денеден бардык органдар м-н ткандардан чогулган канды жүрөккө алпарат. Алар эң ичке капиллярлардан (венула) пайда болот. Венулалар улам биригип отуруп, орто ж-а жоон веналарга айланат. Дененин төмөнкү бөлүгүнөн кан жыйноочу вена – төмөнкү көндөй, жогорку бөлүгүнөн жыйноочу веналар жогорку көндөй веналар деп аталат. Ал эми тамак сиңирүүчү органдардан канды чогулткан веналар боорго куят да, дарбаза венасы деп аталат.

КАНТА́ТА (лат. cantare – ырдоо) – солист, хор ж-а оркестр үчүн жазылган көп бөлүмдүү вокалдык-аспаптык чыгарма. К. салтанаттуу, кубанычтуу, лирикалык, кайгылуу ж-а баяндоо мүнөзүндө болот да, жарандык ж-а диний деп бөлүнөт. Адатта К. оркестрдик киришмеден, ариялардан, речитативдерден ж-а хорлордон турат. Ораторияга жакын, бирок андан масштабынын чакандыгы м-н айырмаланат. К. 17-к-дын 1-жарымында Италияда пайда болгон. Итал. К-нын гүлдөп-өсүшү 17-к-да А. Скарлатти, Ж. Кариссими, Ф. Кавалли ж. б. композиторлордун чыглыгы м-н мүнөздөлөт. И. С. Бах жарандык ж-а диний К-нын жогорку көркөмдүктөгү үлгүлөрүн жараткан. 18–19-к-да комп. Г. Гендель, В. Моцарт, П. Чайковский, Н. Римский-Корсаков ж. б. бир топ олуттуу К-ларды жазган. К-да хордун ролу кеңейип, элдик ырлардын интонациялары колдонулат. Комп. С. Прокофьевдин «Александр Невский», Ю. Шапориндин «Куликов талаасында», кыргыз музыкасында М. Абдраевдин «Гүлдөгөн Кыргызстан», К. Молдобасановдун «Кыргызстан гүлдөсүн» ж. б. көрүнүктүү К-лар бар.

КАНТ ДИАБЕТИ – уйку безинин гормону – инсулиндин жетишсиздигинен зат алмашуунун бузулушу м-н мүнөздөлгөн эндокрин оорусу. Анын пайда болушуна *тукум куугучтук* да мааниге ээ. О. эле тамак-аш м-н жеңил сиңимдүү углеводдорду ашыкча пайдалануу түрткү болот. Кандагы кант инсулинди синтездөөчү клеткаларды дүүлүктүрүп, синтез бузулат. Айрым учурда уйку безинин сезгенүүсү *(панкреатит)*, травмасы да диабетке алып келет. Кээде катуу капалангандан, жугуштуу оорудан кийин да болушу мүмкүн. Организмде инсулин жетишпегенде, боор м-н булчуңдар кантты гликогенге айландыруу жөндөмдүүлүгүн жоготуп, ткандар кантты сиңире албай калат. Натыйжада канда кант көбөйүп (гипергликемия), заара м-н кант көп бөлүнөт (гликозурия). Оорулуу суусайт, заара көп бөлүп чыгарат. Заарасында, канында кант, холестерин көбөйүп, тамак ичкиси келет; денеси кычышып, булчуңдары бошоңдойт, ооздун былжыр чели сезгенет; аялда *этек кир* цикли бузулат, боюнан түшөт ж. б. Туура эмес ж-а жетишсиз дарылаганда оору күчөйт, оорулуунун алы кетип шалдырайт, тез чарчайт, көрүүсү начарлап, бөйрөк иши бузулушу мүмкүн. Организмде майдын толук эмес ажыроо продуктулары (кетон заттары) чогулат да, канда анын концент-сы көбөйүп, ууландырат. Акырындап оорулуу тамак ичкиси келбей, чаңкап, алы ке-

тет, териси кычышат, кургайт, кускусу келип, кусат, ич ооруйт, оозунан ацетон жыттанат. Оорулуунун абалы начарлайт, шалдырап, уйку басат. Акыры эң оор кабылдоого – диабет комасына алып келет. Оорулуу өмүр бою врачтын көзөмөлүндө дарыланат. Негизинен диета, инсулин, кантты азайтуучу дарылар колдонулат. Диетаны оорулуунун абалына жараша врач белгилейт. Углеводду, майды азайтып, анын ордуна эт, картөшкө, кара нан ж. б. берилет. Тамак витаминдүү, айрыкча С ж-а В тобундагы витаминдер көп болушу зарыл.

Ад.: *Дедов И. И., Шестакова М. В.* Сахарный диабет. М., 2003.

КАНТЕМИ́Р Антиох Дмитриевич [10 (21). 9. 1708, Константинополь – 31. 3. 1744, Париж] – орус акыны, сатирик, котормочу, мамл. ишмер. Рационалист агартуучу, орус классицизминде ыр түрүндөгү сатира жанрын негиздөөчүлөрдөн. Саясий эпиграммаларында ж-а сатираларында Пётр Інин реформаларын жактаган. Бир нече тилде эркин сүйлөгөн, так ж-а гуманитардык илимдерди, орус мад-тынын тарыхын мыкты билген ж-а изилдеген. Адабий ишмердигин 1725-ж. котормодон баштаган. К. Улуу Британия ж-а Францияда (1738–44) элчилик кызматта болгон. Горацийдин 22 сунушун, Анакреонттун 55 ырын которгон, агартуу идеясын тараткан. Физик Фонтенелдин «Дүйнөлөрдүн көптүгү жөнүндө сөз» трактатын (1730) которгон ж-а ага эскертүүлөр жазган (1742).

Чыг.: Собрание стихотворений. Л., 1957.

КАН-ТЕҢИР – Теңир-Тоодогу чоку, к. *Кан-Тоо.*

КАН-ТЕҢИР ТОО ТООМУ, М у з - Т о о Борб. ж-а Чыгыш Теңир-Тоонун, негизги бөлүгү Кырг-ндын, чыгыш жагы ж-а түш. капталдары Кытайдын, түн. капталдары Казакстандын аймагында. Батышынан Сары-Жаз, чыгышынан Музарт өрөөндөрү, түндүгүнөн Текес, түштүгүнөн Тарим ойдуңдары м-н чектешет. Уз. 200 *км*, туурасы 50–60 *км*, жалпы аянты 10 миң *км*²ден ашык. Батышында Меридиан кырка тоосуна такалат. Батыш тарабындагы негизги кырка тоолор: *Тескей Ала-Тоо*, Адыр-Төр тоосу, *Сары-Жаз кырка тоосу, Теңир-Тоо, Эңилчек кырка тоосу*, Кайынды кырка тоосу, Көйкап тоосу, Май-Баш тоосу, *Боз-Кыр кырка тоосу;* чыгышында: Калык-Тоо, Сайкал ж. б. Мында Теңир-Тоонун эң бийик бөлүгү – *Жеңиш* (7439 *м*) ж-а *Кан-Тоо* (6995 *м*) чокулары жайгашкан. Эң жапыз жери 1687 *м* бийикте болгондуктан, бийиктик амплитудасы 5759 *м*ге жетет. Орт. бийикт. 3500 *м*. Рельефтин жогорку ярусу басымдуулук кылат. Неогендин башталышынан азыркы [illegible]згилге чейинки кыймылдын негизги багыт[illegible]өтөрүлүү. Неогенге чейинки түздүктөр азыр [illegible]0–3500 *м* бийикте тектирленген түздүк түрү[illegible]акталган (сырт). Өрөөндөр негизги структу[illegible]рга жараша кеңдик б-ча жайгашкан. Неги[illegible]ен протерозойдо ж-а төмөнкү палеозойдо п[illegible]да болгон мраморлошкон акиташ теги, крист[illegible]лдык ж-а чополуу сланец, мрамор ж-а аларды жиреп чыккан гранит-диорит тектеринен турат. Чет-жактарында неогендин кызгылт тектери да кездешет. Климаты кескин континенттик, бийиктеген сайын өзгөрөт. Жаан-чачын да ар жеринде ар кыл. Меридиан кырка тоосунун батыш капталында жылдык жаан-чачыны 1000 *мм*ге чейин болсо, Эңилчек өрөөнүндө 250 *мм* гана жаайт. 3000 *км*² жери же жалпы аянтынын 30% и мөңгү м-н капталган. Ири мөңгүлөрү: Түш. Эңилчек (уз. 59 *км*, аянты 613 *км*²); Түн. Эңилчек (39 *км*, 203 *км*²), Кайынды (26 *км*, 107 *км*²), Адыр-Төр (20 *км*, 75 *км*²), Семёнов (21 *км*, 74 *км*²). Кытай тарабында Темир-Суу, Сайкал, Түндүк ж. б. мөңгүлөр бар. Сууларынын көбү Таримдин алабына таандык; ирилери: Сары-Жаз, Түн. Текес, Түш. Темир-Суу. Ландшафты бийиктик зоналуулук б-ча өзгөрөт. Түш. капталынын этектерине чөл ж-а жарым чөл, андан жогору кургак талаа ж-а талаа, ички өрөөндөрүндө ж-а түн. капталында токой, андан бийик субальп, альп, шалбаа ж-а субнивалдык гляциалдык-нивалдык суук ландшафттар жайгашкан. Жаныбарлары: тоо эчки, аркар, аюу, илбирс ж. б. Бул аймакты эзелтен кыргыздар мекендейт. Аты тоонун өтө бийиктигине байланыштуу пайда болгон: «теңирдин (асмандын) каны (падышасы)»; «асман мелжиген тоо» маанисинде. Экол. жактан Теңир-Тоонун эң таза жана рельефи татаал аймагы.



Кан-Теңир тоосу.

КАНТ КЫЗЫЛЧАСЫ (Beta vulgaris L. var. saccharifera) – өсүмдүктөрдүн шакардуулар тукумунун *кызылча* уруусунун бир түрү; кант алынуучу эки жылдык тех. өсүмдүк. Биринчи жылы түбүнөн жалбырак, ширелүү, канттуу азык-тамыр пайда болот. К. к-нын тамыры жоон, негизги мөмө тамырынан жыш каптал тамырлары 100 *см*ге чейин топуракка сойлоп өсөт. Сабактуу жалбырагы тамырынан өсүп, жазы болот. Экинчи жылы жалбырак моюнчасындагы бүчүрдөн гүл сабагы өсүп чыгат. К. к-нын паренхима тканында кант жыйналып, ал азык-тамырдын орто (жоон) жеринде көп (17–18%) болот. Аба ырайынын ыңгайлуу шартында уругу 6–8 күндө өсүп чыгат. Ар бир түп 7ге жакын жалбырак байлап, анын өсүү убагы 25–70 күнгө созулат. Вегетация мезгилинин ортосунда жалбырагы м-н тамыр системасы өсүп, кант аз топтолот, экинчи жарымында кызылчада кургак зат, көбүнчө кант көп пайда болот. Июль – сентябрь айларында жалбырак м-н тамырдын өсүшү басаңдын канттуулугу артат. К. к. чиринди катмары [illegible]ын ж-а агрофиз. касиети жогору кара то[illegible]та жакшы өсүп, арбын түшүм берет. Кара [illegible]ураксыз аянтта деле орг. ж-а минерал же[illegible]мирткичтер м-н кошумча азыктандыруу [illegible]луу мол түшүм алууга болот. К. к. – тама[illegible]. ж-нын баалуу сырьёсу. Андан канттан баш[illegible]тоют (топ, шире ж-а жалбырак) да алынат. К. к-нан алынуучу кант дүйнөдө алынган канттын 30% ин түзөт. К. к-нда 75% суу, 25% кургак зат (а. и. кант 23%), 2,5% клетчатка, 2,5% пектин, 0,8% фруктоза м-н глюкоза ж-а 1,1% азотсуз зат болот. Кырг-нда ал 1925-жылдан баштап айдала баштаган. Алгачкы мезгилде аз түшүм жыйналган. Кийин агротех. эрежелерди сактоонун, техниканы, минералдык. ж-а орг. жер семирткичтерди колдонуунун натыйжасында түшүм арбып, аянты да көбөйгөн. К. к. респнын шартында гектарынан 300–350 *ц* түшүм алыш үчүн 200 *кг*га жакын азот, 40 *кг* фосфор ж-а 150–200 *кг* калий талап кылынат. Кырг-нда Кыргыз полигибриди 18, Кыргыздын бир уруктуу-25, Бийск-52, Романовдун бир уруктуу-32 ж. б. сорттору себилет.



Ад.: Свекловодство, 3 изд. М., 1964; *Акималиев А.* Сахарная свекла в Киргизии. Ф., 1982; *Ибраимов Н.* Техникалык өсүмдүктөр жана аларды Кыргызстанда өстүрүүнүн алдыңкы ыкмалары. Б., 1994.

Ж. Маткеримова, Г. Эшимкулова.

КАН-ТОО, К а н - Т е ң и р – Борб. Теңир-Тоодогу бийик чоку. Кан-Теңир тоо тоомунда, Жеңиш чокусунан 18 *км* түн. тарапта. Бийикт. 6995 *м*. Чоку шуштугуй. Капталдары тик (түш. боору 60°ка, түн. жагы 40–45°ка чейин). Төмөн жагы күңүрт акиташ тегинен, жогору жагы тунук мрамордон турат. Дээрлик кар-мөңгү м-н капталган, өтө тик капталдарында гана кар токтобой, тоо тектер ачылып жатат. Капталдарындагы мөңгүлөр Түш. ж-а Түн. Эңилчек мөңгүлөрүнө кошулат. Чоку жерг. элге эчактан белгилүү. Алыстан көрүнгөн кар-мөңгүлүү чокуну кыргыздар К.-Т., казактар Олуя-Чоку деп аташкан. 1755-, 1780-ж. Оренбургда түзүлгөн карталарда ал К.-Т. («гора Хан») деп аталган. 1900-ж. Сары-Жаз аймагын изилдеген венгр илимпозу Д. Алмаши Хан-Теңир чокусунун жерг. аты К а н - Т о о деп белгилеген. Ад-ттарда ороним кан, канга окшош кызыл деген мааниден келип чыккан деген пикирлер айтылат. Чындыгында анын аты тоонун (чокунун) өтө бийиктигинен келип чыгып, «тоолордун каны» (падышасы) деген түшүнүктү туюндурарын көп илимпоздор (Мурзаев Э. М., Өмүрзаков С. Ө. ж. б.) далилдеген. Чокуга алгач 1931-ж. 10-сентябрда М. Т. Погребецкий жетекчилик кылган украиналык альпинисттер чыккан. О. эле к. *Кан-Теңир тоо тоому.*

А. Осмонов.



Кан-Тоо чокусу.

КАН ТОПТОРУ – бир биол. түргө кирүүчү (киши, жылкы, маймыл ж. б.) организмдердин канынын биохим. өзгөчөлүктөрү. Бул өзгөчөлүк эритроцит белокторунун түрдүү түзүлүшүнө байланыштуу. Адамдын каны иммунол. өзгөчөлүгүнө байланыштуу жынысына, жашына, расасына карабастан, 4 топко бөлүнөт. Кандын тигил же бул тобуна кире тургандыгы эритроцитте А ж-а В фактор (антигендер, агглютиногендер), кан плазмасында а ж-а в факторлорунун (агглютининдер) болушу м-н аныкталат. Кээ бир кишилердин эритроцитинде А ж-а В агглютиноген болбойт, ал эми плазмада а ж-а в агглютинин болот. Булар I топко (0ав) жатат. Каны II топко кирген кишилердин эритроцитинде А агглютиноген, плазмасында в агглютинин болот (Ав). Айрым адамдардын эритроцитинде В агглютиноген болуп, плазмасында а агглютинин болсо (Ва) III топко кирет. IV топтогу кандын эритроцитинде АВ агглютиногендер болуп, плазмада агглютинин болбойт (АВ0). Эгерде А агглютиноген агглютинин м-н же В агглютиноген в агглютинин м-н кошулса, эритроциттер бири бирине жабышып (агглютинация), андан ары эрийт (гемолиз). Мындай реакция башка топтогу кан куюлганда жүрөт. Кан куюуда К. т-н аныктоонун мааниси чоң. 1-топтогу канды өзүнө окшош канга, о. эле башка үч топтогу канга (II,

III, IV); 2-топтогу канды өзүнө окшош канга ж-а III, IV топтогу канга куйса болот. 3-топтогу кан өзүнө окшош канга ж-а IV топтогу канга куюлат. I-топтогу кан бардык топтогу канга куюга мүмкүн болгондуктан, универсалдык д о н о р деп аталат. Ал эми IV топтогу кан озүнө окшош топтогу кандан башка топтогу кандарга куюуга жарабайт; ага башка топтогу (I, II, III) кандын баары куюлат. Ошондуктан алар универсалдык р е ц и п и е н т деп аталат. Кишилердин 85%инин эритроцитинде антигендер (Rh – фактор) болуп, 15%инде болбойт. Rh–фактор барлар резусу – оң, жоктору – резусу терс деп аталат. Резусу оң атадан резусу терс эненин боюна бүтсө, түйүлдүктүн атадан тукум кууган антигенинин таасиринен эненин организминде, антитело пайда болуп, түйүлдүктүн эритроцитин бузат (гемолиз). Мындай резус сыйышпастык резусу оң канды резусу терс кандуу кишиге кайталап куйганда да байкалат.

КА́НТОР Георг (3. 3. 1845, Санкт-Петербург – 6. 1. 1918, Галле) – немис математиги. 1867-ж. Берлин ун-тин бүткөн. 1879–1913-ж. Галле ун-тинде проф. К. чексиз *көптүктөр теориясын* ж-а трансфинниттик сандар теориясын чыгарган. 1874-ж. эквивалентсиз (б. а. түрдүү кубаттуулуктагы) чексиз көптүктөрдүн бар экенин билүү м-н бардык чыныгы сандар көптүгүнүн тактыгын далилдеген, көптүк кубаттуулугунун жалпы түшүнүгүн (1878) изилдеген. 1879–84-ж. К. чексиздик ж-дөгү окуусунун принциптерин сунуш кылган. К. предел чекитинин, көптүк туундусунун түшүнүгүн киргизген, жеткилең көптүккө мисал келтирген, иррационалдуу сандар теориясын өнүктүргөн, *Кантор аксиомасын* айткан. К-дун идеяларына замандаштары каршы чыккан, бирок ал математиканын өнүгүшүнө зор салым кошкон.

Эмг.: Труды по теории множеств. М., 1985.

КА́НТОР АКСИОМАСЫ – түз сызыктын үзгүлтүксүздүгүн ырастоочу аксиомалардын бири. К. а. б-ча уз. нөлгө умтулган, бири бирине удаалаш коюлган кесиндилердин ар кандай удаалаштыгы бир гана жалпы чекитке ээ. Аны Г. *Кантор* (1872) далилдеген.

КАНТ РАЙОНУ – Чүй обл-ндагы адм.-айм. бирдик. Район 1933-ж. түзүлгөн; 1998-ж. К. р. Ысык-Ата р-ну м-н биригип, *Ысык-Ата району* деп аталган.

КАНТСЫЗ ДИАБЕ́Т – канда вазопрессин гормонунун азайышынан болгон эндокрин оорусу. Зааранын абдан көп бөлүнүшү ж-а ото суусоо м-н мүнөздөлөт. Бул ооруга вазопрессинди канга бөлүп чыгаруучу гипоталамус ж-а *гипофиздин* жабыркашы себеп болот. Оорулуу суюктукту көп ичкендиктен ж-а суткасына 4–12 *л*ге, кээде 30–40 *л*ге чейин түссүз, жытсыз, салыштырма салмагы төмөн, канты жок заара бөлүп чыгарат. Организм сууну көп жоготкондуктан, ооруга 100–150 *г*га чейин, үй кушунун 1 *кг* тирүүлөй салмагына 4–5 *г* берилет. Протеинге бай тоют катары тукумдук эркек малдын (букага 800 *г*, айгырга 500 *г*, чочкого 200 *г*) рационуна кошулат. К. у. кургак ж-а салкын жайда сакталат. Тоютка жараксыз К. у. жер семирткич катары колдонулат.

КАНЦЕРОГЕ́Н ЗАТТАРЫ – организмге таасир эткенде рак ж. б. шишик ооруларын пайда кылуучу түрдүү [illegible] бирикмелер. Алар кээ бир о. ж. ж-а өндүрүш таштандылары м-н булганган абада, мейиз чыккан ышта, тамеки түтүнүндө болот. Ө[illegible]ө рагы м-н тамеки тарткандар көп ооруйт. Ал[illegible]ын тышкары кээ бир амин к-таларынын, белоктордун алмашуусу бузулганда да шишиктер пайда болот. О. эле тышкы чойрөнүн терс таасири – абанын булганууусу, нурлануу ж. б. себеп болот. Организмге кирген К. з-дын таасири анын өлчөмү м-н таасир этүү мөөнөтүнө байланыштуу. Рактын алдын алууда жеке тазалыкты сактоо, атм., аба, суу, жер кыртышы, тамак-аш азыктарын К. з. м-н булгануудан коргоо чоң мааниге ээ.

КА́НЦЛЕР (нем. Kanzler) – 1) о. кылымда Европанын феодалдык өлкөлөрүндөгү королдук канцелярия м-н архивди башкаруучу жогорку кызматтагы адам; 2) падышалык Россияда мамл. К. – жогорку жарандык чин. 1722-ж. рангдар ж-дөгү табель б-ча К. генерал-фельдмаршалдын чинине туура келген; 3) Германияда (1871–1945) рейхсканцлер – өкмөт башчысы (1934-жылдан мамлекет башчысынын укугун да ээлеген); 4) ГФР м-н Австрияда федералдык К. – өкмөт башчысы; 5) Улуу Британияда казыначы К. – финансы министри, лорд-К. – лорддор палатасынын торагасы; 6) Швейцарияда Союз К-и – бийлик ж-а башкаруу органдарынын секретариатынын жетекчиси.

КАНЦО́НА (италянча canzone – сөзмө-сөз ыр) – 1) 13–17-к-дагы батыш европ. поэзиядагы рыцарлар сүйүүсү ж-дөгү лирикалык ыр. Классикалык үлгүлөрүн Данте, Петрарка, Бокаччо жазган; 2) *Кайра жаралуу* доорунда поэтикалык К-нын текстине жазылган көп үндүү ыр; 3) аспаптык муз. пьеса, 16–17-к-да вокалдык К-дан ишгелип чыккан түрү; анын оркүндөтүлүшүнөн кончерто гроссо, фуга ж-а соната келип чыккан.

КАНЬО́Н (испанча canon – ноо, капчыгай маанисинде) – капталдары өтө тик, таманы салыштырмалуу кууш, терең дарыя өрөөнү; кууш капчыгай. Таманын дарыя нугу толук ээлеп жатат. Платолордо же тоолуу жерлерди суу жемирип жеп кетишинен пайда болот. К. көбүнчө агын сууларга жарды, климаты кургакчыл, акиташ же базальт тектеринен турган платолорго мүнөздүү. Дүйнөдөгү эң ири ж-а белгилүү К. – Колорадо д-ндагы Чоң Каньон (АКШда), анын уз. 320 *км*, терендиги 1800 *м*ге чейин.



Колорадо дарыясындагы Чоң Каньон. АКШ.

Кыргыздар мындай жерлерди *шаңшаар*, танги деп атайт.

КАНЫККАН БУУ – озүнүн суюктугу м-н динамикалык (кыймылы) тең салмактуулукта болгон буу. Бул учурда суюктук бетинен учуп чыккан молекулалардын саны ошол эле убакытта суюктукка айланган буунун молекулаларынын санына барабар болот. Суюктуктун өзүнүн буусу м-н тең салмактагы шартта көлөмгө көз каранды болбогон p_0 буу басымы К. б. басымы деп аталат. К. б. кризистик темп-радан $T_{кр}$ төмөнкү темп-рада болушу мүмкүн. К. б-да суу тамчылары болсо, ал нымдуу, болбосо, кургак болот. К. б-нун темп-расы төмөндөсө, суюктукка, ал эми жогоруласа, бууга айланат.

КАНЫККАН УГЛЕВОДОРОДДОР, а л к а н д а р, ч е к т үү у г л е в о д о р о д д о р – молекуладагы көмүртек атомдору өз ара жөнөкөй, ал эми көмүртектин калган валенттүүлүктөрү суутек атомдору м-н байланышкан орг. бирикмелер. К. у. чектүү углеводороддор деген ат м-н да белгилүү. Алардын эң жөнөкөйү – метан CH_4 (саз газы же кен газы). К. у-дун гомол. катарын метандын молекуласындагы суутек атомдорун удаалаш метил радикалы ($-CH_3$) м-н орун алмаштыруудан алууга болот. Ар бир кийинки мүчөсүнөн CH_2 – метилен тобу м-н айырмаланган углеводороддордун катары гомол. катар, ал эми – CH_2 тобу гомол. айырма деп аталат. К. у-дун жалпы формуласы C_nH_{2n+2}. (n – молекуладагы көмүртек саны). К. у-дун биринчи торт мүчөсүнүн аты немис окумуштуусу Гофмандын сунушу б-ча метан – CH_4, этан – C_2H_6, пропан – C_3H_8, бутан – C_4H_{10} деп тривиалдык номенклатура б-ча аталган. Калган К. у-го кийинчерээк молекуладагы көмүртектин санына жараша грек сандары пайдаланылган. Мис., C_5H_{12} пентан (беш), C_6H_{14} гексан (алты), C_7H_{16} гептан (жети), C_8H_{18} октан (сегиз); латын сандарынан – нонан (тогуз), декан (он), эйкозан (жыйырма), пентаок-

тан (элүү) ж. б. у. с. Бардык эле чектүү углеводороддордун аттары «ан» мүчөсү м-н аяктагандыктан, алар жалпысынан алкандар деп аталып калган. К. у. биринчи үч мүчөсү бирден гана структуралык формулага ээ. 4-мүчөсүнөн баштап изомерия кубулушуна ээ. Молекуладагы көмүртек атомунун санынын өсүшү м-н структуралык изомерлердин саны да өсөт. Мис., пентан C_5H_{12} үч, гептан C_7H_{16} 9, октан C_8H_{18} 18, декан $C_{10}H_{22}$ 75 изомерге ээ. К. у-дун 1-төрт мүчөсү кадимки шартта газ, 5-мүчөсүнөн 17-мүчөсүнө чейин суюктуктар, андан жогоркулары – катуу заттар. К. у. сууда өтө аз, ал эми көпчүлүк орг. эриткичтерде жакшы эрийт. Алар хим. реагенттерге инерттүү болгондуктан, парафиндер деген ат берилген. Бирок өзгөчө шартта К. у. эркин радикалдар м-н оной эле реакцияга кирет. Реакция С–С же С–Н байланыштарынын үзүлүшү м-н жүрөт. Эгер реакция С–Н байланышынын үзүлүшү м-н жүрүп, суутек атому башка атом же атом тобу м-н орун алмашса, *орун алмашуу реакциясы*, ал эми С–С байланышынын үзүлүшү м-н жүрсө, ажыроо реакциясы деп аталат. Мис., метанды хлорлоодон – метилхлорид (CH_3Cl), метиленхлорид (CH_2Cl_2), хлороформ ($CHCl_3$), нитрлөөдөн нитроалкандар ж. б. алынат. Жогорку темп-рада ысытуудан К. у. майда бөлүкчөлөргө бөлүнүп, чектүү ж-а чексиз углеводороддордун аралашмасын пайда кылат. К. у-дун мол. массасы канчалык чоң болсо, ошончолук жогорку темп-рага туруксуз келет: $2CH_4 \rightarrow C_2H_2+3H_2$. К. у. нефть, таш көмүр, өсүмдүктөрдүн курамында көп. Синтез жолу м-н да алынат. Алар пластмассаларды, каучуктарды, булаларды, кир кетирүүчү заттарды алууда баштапкы зат катары колдонулат. Ракета ж-а мотор отундарынын басымдуу бөлүгүн түзөт.

С. А. Адылов.

КАНЫККАН ЭРИТМЕЛЕР – белгилүү шартта (темп-ра, басым) эриген зат м-н тең салмакта болгон эритмелер. Бир-биринде эрүүчү заттардын эрүү процесси К. э. пайда болгонго чейин жүрөт. Эритменин концент-сы эриген заттын ж-а эриткичтин табиятына, темп-рага ж-а басымга көз каранды. Катуу заттар эригенде, бир эле компоненттин ар түрдүү катуу фазалары ар түрдүү концент-дагы каныккан эритмени пайда кылат. Берилген шартта эриген зат м-н эритменин ортосунда туруктуу тең салмактуулук пайда болбой, эритме дагы кандайдыр бир сандагы затты эрите алса, мындай эритмелер каныккаган эритмелер деп аталат.

КАНЫМЕТОВ Жумакадыр (1. 8. 1958-ж. т., Ысык-Көл обл., Түп р-ну, Тасма айылы) – дирижёр, композитор, КРдин эл арт. (2008), КРдин мад-тына эмг. син. ишмер (1995). Б. Бейшеналиева атн. КМИИни (1981), Н. Римский-Корсаков атн. Ленинград консерваториясынын дирижёрдук ж-а композитордук ф-тин (1989) бүткөн.



1989-жылдан Кыргыз телерадиокорпорациясынын акад. симф. оркестринде иштеген, 1995-ж. КРдин Коргоо министрлигинин ырбий ансамблин уюштуруп жетектеген. 2001-жылдан А. Малдыбаев атн. Кыргыз улуттук опера ж-а балет театрында дирижёр-коюучу, 2008-жылдан баш-



«Ак-Моор» опера-дастанынан көрүнүш, 1993.

кы дирижёру. Анын дирижёрлугу астында театрда «Евгений Онегин», «Аида», «Риголетто», «Травиата», «Фауст», «Ак куу колу», «Чолпон», «Айчүрөк» ж. б. опера, балеттер коюлган. 30дай ыр-күүлөрдүн автору. Симф. оркестрдин аткаруусунда 100дөн ашуун кыргыз, орус, чет элдик композиторлордун чыгармаларын кыргыз радиосунун алтын казынасына жаздырган. К. «Ак Моор» опера-дастанынын музыкасын жазган, ал 1993-жылдан өзүнүн дирижёрлугу астында театр сахнасына коюлууда. Театр труппасы м-н Россияда, Түркия, Кытай ж. б. өлкөлөрдө гастролдо болгон.

КАНЫМЕТОВА Гүлайым (6. 5. 1949-ж. т., Ысык-Көл обл., Түп р-ну, Тасма айылы) – драма артисти, КРдин эл арт. (1991). Фрунзедеги М. Куренкоев атн. муз. окуу жайын (1967), А. Луначарский атн. Москва театр академиясын бүткөн (1972). 1972–92-ж. Ош обл. драма театрында, 1992–94-ж. Шаршен атн. Чүй обл. куудулдар театрында эмгектенген, 1994-жылдан Т. Абдумомунов атн. Кыргыз улуттук драма театрында иштейт. Аткарган негизги ролдору: Катерина Измайлова (Н. Лес-



Курманжан датка – Г. Каныметова. Т. Касымбеков, К. Сактанов. «Курманжан датка» спектаклинде. 2003.



ков, «Мцен уезддик Макбет айым», «Нооруз-89» О. Азия, Казакстан театр фестивалынын Гран-при), Нина Заречная (А. Чехов, Ак чардак»), Гертруда (У. Шекспир, «Гамлет»), Мария (И. Друце, «Ыйыктын ыйыгы»), Каракөз (М. Ауэзов, «Кара көз»), Курманжан датка (Т. Касымбеков, К. Сактанов, «Курманжан датка», КРдин Токтогул атн. мамл. сыйл., 2004) ж. б. Ч. *Айтматовдун* чыгармалары б-ча коюлган спектакльдерде да ойногон: Жамийла, Сейде, Асел, Найман эне, Кемпир («Жамийла», «Бетме-бет», «Делбирим», «Найман эне», «Ак кеме»). Толгонайдын («Саманчы жолу») ролун мыкты аткаргандыгы үчүн Ч. Айтматов атн. эл аралык сыйл. алган (2008). Медалдар м-н сыйланган.

КАНЫШ-КЫЯ – Жалал-Абад обл-нун Чаткал р-нундагы кыштак, райондун борбору (1985-жылдан). Деңиз деңг. 1655 *м* бийикте жайгашкан. Калкы 3144 (2009); негизинен дыйканчылыкта эмгектенип, мал м-н алектенет. Орто, 2 негизги ж-а муз. мектептер, китепкана, кесиптик-тех. окуу жайы, балдар чыг-лык ж-а мад-т үйлөрү, балдардын билимин оркүндөтүүчү борбор, мечит, АТС, почта бар. Нан з-ду, турмуштиричилик кызматынын болүмдөрү, оорукана, бейтапкана, дарыкана, аэропорт иштейт.

КАҢГҮЙ, Кангха, Кангдиз – О. Азиядагы байыркы мамл. бирикме. Ал Арал деңизи, Аму-Дарыя ж-а Сыр-Дарыя, Хорезм, Ташкент, Талас суусуна чейинки аймактарды ээлеген. К. мамлекетине беш дубан (Сусе, Фуме, Юени, Ги, Юегянь) карап, 600 миңдей калкы, 120 миңдей аскери болгон. К. мамлекети б. з. ч. 2-к-да усун уруулары ж-а Даван мамлекети м-н элчилик, соода ж-а маданий байланыш түзгөн. Б. з. ч. 1-к-дын ортосунда кытайларга каршы хуннидар м-н союздашып, б. з. 1-к-нда кушандар м-н мамилесин жөнгө салып, К. падышасы кызын *Кушан мамлекетинин* башчысына берген. Б. з. 1–3-к-нда Хорезм ж-а Ташкент аймагын Кушан мамлекетине тарттырып жиберген. Байыркы жазма булактарда б. з. 287-ж. К. элчилери Кытайдын Батыш Цзин, 379-ж. Эртецин, 437-ж. Вей падышалыктарына келгендиги баяндалат. К-лор этностук жактан сонку түрк элдерине (кыргыз, казак, түркмөн, азербайжан, башкыр, ногой, крым татарлары, кара калпак ж. б.) жуурулушуп кеткен.

Ад.: *Бичурин Н. Я.* (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в средней Азии в древние времена. В 3-х т. А., 1998.

КАНДОО – темир буюмду данакерлөө; жыртылган жерин бүтөө; кандалуучу жерди ысытып ж-а бириктирилүүчү тетиктердин ортосундагы жикти эриген данакер м-н толтуруу ж-а аны катыруу жолу м-н ажырагыс кылып бириктирүү (к. *Данакер*). Үй шартында жука темирден (каныктырдан) жасалган идиш (самоор) ж. б. буюмдардын (оймок, шакек, калак ж. б.) кошунду жерлерин, жыртык-тешиктерин калай м-н



бириктирет же бүтөйт. Көбүнчө болот ж-а жез куймаларынан (коло, латунь) жасалган буюмдар кандалат.

КАНДЫ, канлы – кыргыз урууларынын бири (к. *Ичкилик*).

КАНЛЫ, канды – байыркы түрк уруулардын бирикмеси. Айрым окумуштуулардын пикири б-ча К-лар *юэчжи* уруулары м-н тектеш болуп, б. з. ч. 2-к. – б. з. 5-к-нда алардан бөлүнүп, Талас ж-а Аму-Дарыянын жээгине өз алдынча мамлекет (к. *Каңгүй*) түзүшкөн. *Усундардын* кысымынан алар Каспий ж-а Арал деңиздерин бойлой жылган, 568-ж. түрктөргө келген византиялык элчи *Земарх* К-лардын жери аркылуу өткөнүн жазат. Диний көз карашы б-ча зороастризмди тутуп, ай-күн ж-а айрым жаныбарларга сыйынышкан (к. *Тотемизм, Фетишизм*). Алар алан, эфталит, сармат уруулары, *Хазар кагандыгы, Батыш Түрк кагандыгы* ж-а согду, араб мамлекеттери, *Караханид мамлекети* м-н күрөш жүргүзүп, кээ бир учурда көз каранды абалда турушкан. 10–11-к-да *кыпчактардын* үстөмдүгү күчөгөндө алардын союзуна кирсе, 13-к-да союздун орчундуу бөлүгүн түзүп калган. *Рашид ад-Диндин* маалыматы б-ча К-лар найман ж-а кыргыздар м-н жамаатташ Элүй Сирас ж-а Көк Ирдыш (Иртыш) д-нын ортосунда жайгашкан. Плано *Карпини* ж-а Рубрук 13-к-да К-ларды Сыр-Дарыянын төмөнкү агымында, Кара-Кумга чектеш аймакты мекендеген дешет. 13-к-да К-лар О. Азия аймагына (огуз-кыпчак этностук чөйрөсүнө) чачырап, ногой, кара калпак, казак, крым татарлары ж. б. элдердин этностук негизин түптөгөн. К. уруусу

кыргыз урууларынын ичиндеги Булг(а)чынын тукуму катары *Сайф ад-Дин Аксыкенти* жазган *«Мажму ат-Таварихте»* эскерилет.

Ад.: *Абул-Гази бахадур хан.* Родословие тюрков. Казань. 1908; Бартольд В. В. К истории культурной жизни Туркестана. Л., 1927.

КАҢЫЛТЫРЛАР (Cyprinidae) – балыктардын каңылтыр сымалдар түркүмүндөгү тукуму. Денеси түрпүлүү же түрпүсүз. Алардын 270тей уруусу, 1500дөй түрү белгилүү. Көбүнчө Түш. Азия ж-а тропик Африкада таралган. Кара, Азов, Каспий деңиздеринин ж-а Амур д-нын алабында 50дөн ашык уруусунун өкүлдөрү кездешет. Кырг-нда Ысык-Көлдө, Чүй, Талас ж. б. сууларда бар. К. өрдөйт, шар аккан, о. эле жылуу, кычкылтеги аз сууларда да жашайт. Жумурткасын өсүмдүк ж-а таш арасына, кээде суунун терең жерине таштайт. Айрымдары жумурткасын коргойт. Көпчүлүгү (тыран, сазан, кара балык ж. б.) промыселдик балык.



Каңылтырлар: 1 – каңылтыр; 2 – арал ит муруту; 3 – чоң жолборс балык; 4– ачуу каңылтыр; 5 – кой балык; 6 – ак амур; 7 – күмүш таман балык; 8 – тыран; 9 – алтын аман балык; 10 – кызыл канат балык; 11 – бурмаке балык; 12 – кубулма же кара балык; 13 – жылтыр; 14 – ит мурут; 15 – ак макоо балык; 16 – кызыл жон, неон; 17 – электр жылан балыгы.

КАОЛИ́Н (Кытайдагы фарфор чопосу орун алган Као-Лин тоосунун атынан) – негизинен каолинит минералынан турган чопо сыяктуу тоо тек. Курамында талаа шпаты, кварц, өтө майда талкаланган слюда кездешет. Нымдуу, жылуу, субтропиктик шартта талаа шпатынын хим. жол м-н эзилип эришинен пайда болот. Мында курамында талаа шпаты бар гранит, габбро, гнейс, слюдалуу сланец, аркоз кумдугу сыяктуу тектер катышат. К. жер бетинде көп тараган тектердин катарына кирет. Улуу Британияда (Корнуолл), Германияда (Дрезден аймагы), Чехияда (Карловы-Вары аймагы), АКШда (Жоржия штаты), Украинада, Россияда (Урал, Краснояр крайы), Казакстанда жолугат. Кырг-ндын бардык жерине тараган. Бирок көп топтолгону жокко эсе. Кагаз, хим., резина ө. ж-нда, карапа (фарфор, фаянс) жасоодо, медицинада, парфюмерияда колдонулат.

Ад.: Каолины / Под ред. В. П. Петр[illegible] М., 1974.

КАОЛИНИ́Т – алюмосиликаттар то[illegible]а кирүүчү минерал. Хим. формуласы $Al_4[Si_4O_{10}(OH)_8$. *Моноклин системасында* кристаллда[illegible] Өңү-түсү ак, түссүз. Кошунду элементтер кездешсе, сары күрөң, жашыл, кара түскө өтөт. Кристаллдары өтө майда, сейрек жолугат. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 1ге барабар. С. салм. 2,6. Кармаганда майланышкансып сезилет. Кургак кезинде нымды өзүнө тартып алат. Нымдашканы илешчээк, камырдай жуурулат. Талаа шпатынын талкаланышынан пайда болот. Чополордун курамына кирет. Курулуш ишинде, кагаз, карапа ө. ж-нда, электр-техникада, отко чыдамдуу материалдарды жасоодо, боёк даярдоодо, алюминий өндүрүп алууда колдонулат. Топурак кыртышын түзүүгө катышат.

КАП – таардан жасалган идиш. К. чарчылана бычылып, жээги кыюуланып, ар кандай өлчөмдө тигилет. К. кара ж-а ак жиптерден жөнөкөй согулган таардан жасалат. К-тын ооз жагынын эки жанына өрмөк жибинин калдыгынан эшилип же өрүлүп жасалган эки кулак тагылат. Бирөөнө буугуч жип байланат. Кичине К. *дорбо*, чоң К. зумбал деп аталат.

КАПАГАН КАГАН (т. ж. б. – 716, ө. жери белгисиз) – Чыг[illegible] Түрк кагандыгынын каганы (691–716). К[illegible]ук кагандын аталаш иниси, Күлтегин м-[illegible]*илге кагандын* аталаш агасы. Чыгыш Түрк [illegible]андыгынын ээлигин кеңейтип, анын чек ара[illegible] Дербенттен (Кавказ) Хуанхэге (Кытай) чейи[illegible]еткирүүнү көздөгөн. 694-ж. Ордосту алуу ү[illegible] кытайлар м-н согушта Маньчжурияны өзү[illegible] каратып, 706-ж. Түн. Кытайга чабуул жасаг[illegible]. 709-ж. *тогуз-огуздарды*, 711–712-ж. енисейлик *аздар* м-н чиктерди жеңип алган. 712–13-ж. Алтайдан келип, Жети-Суудагы он ок элин (к. *Он ок будун*) багындырган. Сыр-Дарыядан өтүп, Кавказга жакын *тохар, согдуларды* кыйраткан. 714-ж. кайрадан баш көтөргөн табгачтарга 6 жолу сокку урган. К. к. көчүүгө кам көргөн тогуз-огуздарды Гобинин түндүгүндө талкалаган. 716-ж. Толы өзөнүнүн жээгинде байегу урууларын жеңип, азыраак аскери м-н кайтып бара жатканда ал уруулардын аман калган тобу капысынан кол салын, К. к-ды өлтүрүп, башын кытайларга тартуу кылышкан.

Ад.: *Худяков Ю. С.* Кыргызы на просторах Азии. Б., 1995; *Бартольд В. В.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1996; *Бернштам А. Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана (в 2-х томах). Б., 1998; *Бичурин Н. Я. (Иакинф).* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. Т. 1. А., 1998; *Гумилёв Л. Н.* Байыркы түрктөр. Б., 1998; Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана / Сост. Джуманалиев Т. Д. Т. 1. Б., 2007.

КАПЕ́ЛЛА (итал. cappella) – 1) католик же англикан чакан чиркөөсү: өзүнчө салынган кичирээк курулма же храмда бир үй-бүлө чокунуучу, реликвиялар ж. б. сакталуучу жай; 2) диний хор (хор ырдалуучу чакан чиркөө же чиркөө бөлмөсүнүн атынан); аспапта ойноочулар коллективи. 18-к-дан ырчылар ж-а аспапта ойноочулардан түзүлгөн аралашма ансамбль. Айрым К-ны комп. И. С. Бах, Й. Гайдн, М. Глинка, Н. Римский-Корсаков ж. б. башкарган. Кырг-нда хор К-сын С. Юсупов, К. Алиев, Г. Маматова ж. б. жетектеди.

КАПЕЛЬМЕ́ЙСТЕР (нем. kapella – хор, оркестр, meister – устат, жетекчи) – адегенде 16–18-к-да хордун же вокалдык – аспаптык капелланын, 19-к-дан театр, аскердик симфониялык оркестринин же хордун дирижёру.

КАПЕТИНГДЕР (лат. Capetingi, фр. Capetiens) – француз королдорунун династиясы (987–1328). Династиянын негиздөөчүсү Гуго Капет болгон. Анын учурунда королдук бийлик шайлануу жолу м-н эмес, мурас түрүнө өткөн. 14-к-дын башында К. Франциянын аймагын кеңейтип, борбордошкон мамлекет түзүүгө аракеттенген. Карл IV өлгөндөн кийин (уулдары болбогондуктан), француздук таажы Валуа династиясына өткөн. К. династиясынын өкүлдөрү: Гуго Капет (987–996), Роберт II (996–1031), Генрих I (1031–60), Филипп I (1060–1108), Людовик VI Толстый (1108–37), Людовик VII (1137–80), Филипп II Август (1180–1223), Людовик VIII (1223–1226), Ыйык Людовик IX (1226–70), Эр жүрөк Филипп III (1270–85), Филипп IV Сулуу (1285–1314), Людовик X (1314–16), Филипп V (1316–22), Карл IV (1322–28).

КАПИЛЛЯРДЫК КОНДЕНСА́ЦИЯ – катуу нерселердин көндөйчөлөрүндөгү суюктуктун каныккан буусунун басымы азайганда, суюк тамчынын пайда болушу. Кубулуш катуу заттардын тешикчелери аркылуу сууну соруу убагында кездешет. Адсорбенттердин беттери сууланган кезде, алардын ичиндеги майда түтүкчөлөрдө ийилген *мениск* пайда болот да, алардын үстүнкү бетиндеги буулардын салыштырма басымы төмөндөп, суюктукка айланат. Натыйжада адсорбенттердин бардык тешикчелерине суюктук толот. К. к. майда тешикчелүү зат аркылуу суюктуктарды чогултууда ө. ж-да колдонулат, о. эле кургатуу ж-а нымды сактоо процесстеринде мааниси чоң.

КАПИЛЛЯРДЫК КУБУЛУШ – ичке түтүкчөдөгү (капиллярдагы) суюктуктардын деңгээлинин жоон түтүкчөдөгү деңгээлге салыштырганда жогору же төмөн болушу. К. к-ту биринчи жолу 1561-ж. *Леонардо да Винчи* ачкан. Диаметри 1 *мм*ге жакын же андан кичине түтүкчөлөр капилляр деп аталат. Эгер суюктук капилляр бетин нымдаса, анда ал кең идиштеги деңгээлге салыштырганда жогору көтөрүлөт. Капилляр канчалык ичке болсо, идиштеги суюктук ошончолук жогору көтөрүлөт. Эгер суюктук түтүкчө бетин нымдабаса, анда, тескерисинче, капил-



Капилляр кубулуштары.

лардагы суюктук деңгээли кенен идиштегиден төмөн болот. Капиллярда нымдоочу суюктуктун (мис., айнек түтүкчодогу суу) бети иймек, ал эми нымдабоочу суюктуктун (айнек түтүктогу сымап) бети томпок болот. Суюктук бетинин мындай ийрейиши, бети тегиз суюктуктун басымынын түрдүүчо болушуна алып келет. Иймек беттүү суюктуктун басымы тегиз беттүү суюктуктун басымынан аз. Томпок беттүү суюктуктун басымы тегиз беттүүнүкүнөн көп. Бул болсо ичке түтүктө суюктуктун төмөндошүнө алып келет. К. к. өсүмдүк сугарууда, жер кыртышында ж. б. көпшөк нерселер аркылуу суюктукту (сууну) жайылтууда маанилүү. Ар кандай материалдын капиллярдык сиңирүүсү хим. технологияда кеңири колдонулат.

КАПИЛЛЯ́Р СУУЛАРЫ – топурак кыртышынын арасындагы өтө майда көзөнөкчөлөр (капиллярлар) м-н байланышкан суулар. Өз ичинен капиллярдык көтөрүлгөн ж-а капиллярдык илешчээк түрлөрдөн турат. Биринчисинде кыртыш суулары капиллярлык күчтүн таасири астында жогору көтөрүлөт. Булар кыртыш суусунун үстүнөн орун алып, алар м-н гидравликалык байланышта болот. Жылуу ж-а кургак климаттык шартта шор пайда кылат. Капиллярдык илешчээк суулар эки түрдөн турат. Бири жер бетине жакын орун алып, жаан суулары сарыкканда, топуракка илешип калат. Экинчиси кыртыш сууларына, топуракка байланышпай, ортодо илешкен суулар. Булар капиллярдык көтөрүлүүдөн, илешкен ж-а сарыккан суулардан келип чыгат.

КАПИТА́Л (англ. capital – башкы) – 1) өндүрүштүн капиталисттик ыкмасына таандык экон. мамилелердин жыйындысы; 2) ишкердик, коммерциялык ж-а ишмердиктин башка түрүнүн натыйжасында *кошумча нарк* пайда кылуучу *нарк*; 3) *бизнесте* пайдаланылуучу жалпы *ресурстар*; 4) жеке адамдын же юрид. жактын активдеринин милдеттенмелердеги сумманы алып салгандан кийинки накта *наркы*; 5) компаниянын мүчөлөрү (пайщиктери) тарабынан чарбалык ишмердикке пайдалануу үчүн берилген сумма; 6) ассоциация ж-дө меморандумда (компания түзүү тууралуу макулдашуу) белгиленүүчү ж-а уставдык, номиналдык же катталган капиталды түшүндүрүүчү сумма.

КАПИТАЛИ́ЗМ – жеке менчик ишканалардын ортосунда рынок атаандаштыгына негизделген экон. система. Коомдук ой-пикир б-ча К. – эркин ишкердик системасы, индустриялык коомдун өнүгүү баскычы. Бүгүнкү күнү К. – «аралаш экономика», «постиндустриялык коом», «маалымат коому» ж. б.; марксизмде К. – өндүрүш каражаттары жеке менчикке, ал эми жалданма эмгек капиталдын эзүүсүнө негизделген коомдук экон. формация. Мындай коомдук түзүлүшкө (капиталисттер м-н жумушчулардын ортосундагы) ички карама-каршылык мүнөздүү. К. *феодализм* мезгилинде экон., социалдык, саясий ж-а маданий обөлгөлөрдүн негизинде жаралган. Алгач 14–15-к-да Италиянын ж-а Голландиянын шаарларында К-дин белгилери пайда болуп, 16-к-да Европада К. чыңдалган. Мануфактурадан ири машина өндүрүшүнө өтүү м-н ө. ж. төңкөрүшүнүн негизи түзүлгөн. Рынок атаандаштыгынын механизми капиталды үзгөйтүү ж-а киреше алуу үчүн өндүрүштү өркүндөтүүгө мажбур кылган. Бул өндүргүч күчтөрдүн өсүшүнө, илим м-н техникада тынымсыз төңкөрүштөрдү жасоого көмөк берип, капиталисттик өндүрүштүн коомдоштурулушун, эмгектин болуштурулушунун терендешин шарттайт. К-дин өнүгүшү 5 негизги этапка бөлүнөт: б и р и н ч и э т а п (17-к-дын ортосу – 18-к-дын аягы) – К-дин мануфактуралык стадиясы эркин атаандаштыктын өнүгүшү м-н коштолот. Эркин атаандаштык Улуу Британияда өнүгүп, 18-к-дын аягы – 19-к-дын башында ө. ж. төңкөрүшү (мануфактурадан фабрикага өтүү) ишке ашкан; э к и н ч и э т а п (18-к-дын аягы – 19-к-дын аягы) – ири машина индустриясы пайда болот. Социалдык мамиле ж-а саясий-экон. трансформация үчүн жаңы технол. укладдын өнүгүшү индустриялык өндүрүшкө жол ачкан; үчүнчү этап (19-к-дын аягы – 20-к-дын 1-жарымы) К-дин өнүгүшүндө атаандаштыктын жаңы формалары пайда болот ж-а монополисттик укладдын үстөмдүгү м-н мүнөздөлөт. Монополисттик капитал колуна ири материалдык ж-а финансылык ресурстарды топтоп, сырьё булактарын ж-а рынокторду басып алуу үчүн күрөшүп, атаандаштарын жоготот; т ө р т ү н ч ү э т а п (1930–70-жылдар) К. эволюциясы – анын тамыры трансформациялана баштаган. Буга 1929–33-жылдардагы дүйнөлүк кризис ж-а 2-дүйнөлүк согуштан кийин түзүлгөн экон. абал түрткү болгон. Натыйжада К-дин жаңы техника-технол., тармактык, уюштуруучу-өндүрүштүк, башкаруучулук, социалдык-экон. моделдери түзүлгөн. Мамл. экон. жөнгө салуунун функциялары ж-а формалары өзгөргөн. Экономиканы, элди жумуш м-н камсыздоо ж. б. процесстерди стабилдештирүү үчүн бюджеттик-финансылык ж-а насыя-акча саясатынын куралдары колдонулган; б е ш и н ч и э т а п К-дин өнүгүшүндө индустриялык система калыптаныш, 1970-жылдары демография, энергетика, сырьё, азык-түлүк ж-а экол. кризистер башталган. Кризистерден чыгыш үчүн индустриялык коомдон постиндустриялык коомго өтүү процесси башталган. Бул процесстин негизи – маалыматтык-коммуникациялык рев-я м-н байланышкан өндүрүштү жаңы технол. жолдор м-н өнүктүрүү.

Ад.: *Маркс К.* Капитал. М., 1988–1989. Т. 1–3; *Уильямсон У. О.* Экономические институты капитализма. СПб., 1996; *Гэлбрейт Д. К.* Новое индустриальное общество. М., 2004; *Фридман М.* Капитализм и свобода. М., 2006; *Норберг Ю.* В защиту глобального капитализма. М., 2007.

КАПИТА́Н (лат. capitaneus, caput – аскер начальниги) – армиядагы офицердик курамдагы аскердик наам. К. наамы алгач Францияда ж-а Россияда (16-к.) пайда болгон. 1935-жылдан Сов. Куралдуу Күчтөрдүн кургактагы аскерлеринде, Аскер авиа күчтөрү ж-а Аскер деңиз күчтөрүндө 1-, 2-, 3-деңгээлдердеги К. ж-а *капитан-лейтенант* деген аскер наамдары белгиленген. КРдин Куралдуу күчтөрүндө да К. наамы бар.

КАПИТА́Н-ЛЕЙТЕНА́НТ – көпчүлүк өлкөлөрдүн аскер-деңиз флотундагы кенже офицердик наам. Орус флотунда 18-к. наамы 1713–1884-ж-а 1909–11-ж. болгон. СССР Аскер деңиз флотунда 1935-ж. киргизилген аскердик башка наамдар м-н бирге К.-л. наамы болгон.

КАПИТЕ́ЛЬ (лат. capitellum – башы) – ордердик түркүктүн ж-а анын модификацияларынын (колоннанын) негизги үч бөлүгүнүн (фуст ж-а база м-н бирдикте) бири. К. вертикалдык таянычтын жогорку чет жагынын жабдылышы катары антаблементтин оордугун өзүнө алат. К. Байыркы Чыгыш зодчийлигинде белгилүү болгон. Антикалык доордо К-дин 3 негизги түрү (дорийлик, ионийлик, коринфтик, о. эле композиттик) калыптанган. К-дин өзгөчө түрлөрү Кытай, Япония, Мексика, Россия, Армения, Грузия, О. Азия мамлекеттеринин арх-расында жаралган.



1 – байыркы египеттик пальма сымал; 2 – ионийлик; 3 – дорийлик; 4 – коринфтик.

КАПИТО́ЛИЙ (лат. Capitolium, Capitolinus mons) – 1) Байыркы Рим жайгашкан дөбөлөрдүн бири. К. байыртан эле динге сыйынуучулардын борбору болгон. Мында К. чиркөөсү жайгашкан, сенат кенешмелери, элдик чогулуштар өткөрүлгөн. К-дин түш.-батышындагы жардуу жантайпаларынан (Тарпей зоокалары) кылмышкерлерди ыргытышкан; 2) Вашингтондогу АКШ конгрессинин имараты. 1793–1865-ж. салынган (арх. – У. Торнтон, Б. Латроб, Т. Уолтер). О. эле АКШ штаттарынын борборлорунда жерг. мыйзам чыгаруучу ассамблеялардын чогулуштары өтүүчү имараттар да К. деп аталат.



Вашингтондогу Капитолийдин имараты.

КАПИТУЛЯ́ЦИЯ – 1) жеңген тараптын койгон шартына ылайык командачылардын өз ара сүйлөшүүлөрү б-ча жеңилген тараптын бардык аскерлеринин согуш майданынын бүт жеринде каршылык көрсөтүүнү токтотуп, багынып бериши; К. убагында эреже катары, бүт согуштук курал м-н аскердик мүлк олжолонуп, өздүк курам туткун катары жеңген тарапка өткөрүп берилет; 2) эл аралык укукта согушуп жаткан мамлекеттин куралдуу күрөшүнүн топтолушу ж-а куралдуу күчтөрүнүн душманга өткөрүлүп берилиши. К. жарыялаган мамлекетке саясий, экон., согуштук милдеттер жүктөлөт. Жеңген мамлекет жеңилгендин жогорку бийлигин убактылуу колго алып, баскынчылык тартип орнотот.

КАПИ́ЦА Пётр Леонидович [26. 6 (8. 7). 1894, Кронштадт – 8. 4. 1984, Москва] – сов. физик, СССР ИАнын академиги (1939; корр. мүчөсү, 1929), эки жолку Соц. Эмг. Баатыры (1945, 1974). Эки жолку СССР мамл. сыйл. лауреаты (1941; 1943). 1957-жылдан СССР ИАнын Президиумунун мүчөсү. Петроград политех. ин-тун бүтүрүп (1918), ошол эле жерде иштеген. К. 1921-ж. Англияда Э. Резерфорддун жетекчилиги м-н ил. из. иштерин жүргүзгөн. 1924–32-ж. Кавендиш лабор-сынын директорунун орун басары, 1930–34-ж. Кембриджеги Монд лабор-сынын директору, 1955-жылдан СССР ИАда өзү негиздеген Физ. проблемалар ин-тунун директору. Москва физика-тех. ин-тунун проф. (1947). 1928-ж. бир катар металлдардын электр каршылыктарынын күчтүү магнит талаасынын чыналышына (Капица закону) сызыктуу көз карандылыгын ачкан. 1934-ж. адиабаталык метод м-н гелий суюлткучту түзгөн. 1939-ж. газ ж-а суюк абалдагы суутекти көп санда алууга мүмкүндүк берген төмөнкү басым циклинин жардамы м-н абаны суюлтуунун жаңы методун иштеп чыккан. 1938-ж. суюк гелийдин *өтө агуучулугун* ачкан. 1950–55-ж. жогорку кубаттуулуктагы генератор иштеп чыгып, газ разрядында плазма



агымынын бар экендигин байкаган. 1955-жылдан «Эксперименттик жана теориялык физика» журналынын башкы редактору. Лондон королдук коомунун (1929), АКШ улуттук ИАнын (1946), Дания королдук ИАнын (1946), Польша ИАнын (1963) ж. б. чет элдик академиялар м-н ил. коомдордун мүчөсү. Беш Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Электроника больших мощностей. М., 1962; Жизнь для науки. М., 1965; Теория, эксперимент, практика. М., 1966; Физические задачи, М., 1972. Collected papers. Oxf., N. Y., 1964–67. V. 1–3.

Ад.: [К 100-летию со дня рождения П. А. Капицы] // Успехи физических наук. 1994. Вып. 12; *Боровик-Романов А. С.* П. Л. Капица: Воспоминания. Письма. Документы. М., 1994.

КАПКА – капчыгайдын оозу; эки тоонун ортосундагы узатасынан созулган кууш өткөөл. Терминге байланыштуу пайда болгон топонимдер: Эчкили-Тоодогу Капка капчыгайы, Фергана тоо тизмегиндеги Капка-Таш көлү, Ички Тенир-Тоодогу Капка-Таш капчыгайы, Алайкуудагы Капка-Таш суусу, Кочкордогу Капка-Таш деген жер ж. б.

КАПКА – жыгачтан ж-а темирден жасалган чоң дарбаза. К. бийик сепил м-н курчалган шаар, кербен сарай, мечит ж-а турак жайга кире бериш жерде орнотулган. Түш. диалектиде К. *капкан* маанисинде да колдонулат.

КАПКА КАПЧЫГАЙЫ – Талас өрөөнүнүн түндүгүндөгү Эчкили-Тоону туурасынан кесип өткөн антецеденттик капчыгай. Кара-Буура ж-а Манас р-ндорунун аймагында. Түш.-чыгыштан түн.-батышты карай жарыш жаткан Чоң Капка (уз. 2–3 *км*, жазылыгы 200 *м*ге чейин) ж-а Кичи Капка (уз. 0,8–1,0 *км*, жазылыгы 250 *м*ге чейин) деген эки капчыгайдан турат. Таманынын дениз деңг. бийикт. 900–950 *м*. Рельефи зоокалуу. Капчыгай протерозойдун сланец, кумдук, чопо тектеринен түзүлгөн. Таманы, этектери ж-а капталдары неогендин шагыл, кум, чополорунан турат. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы –8,0°С, июлдуку 21,3°С. Жылдык орт. жаан-чачыны 160–170 *мм*. Чоң Капка аркылуу Талас суусу агып өтөт. Чоң Капка тосулуп, Кара-Буура суу сактагычы курулган. Ал калктын эс алуу жайына айланган. Кичи Капкадан Бишкек–Талас автомобиль жолу өтөт. Капчыгайдын аймагына жарым чөл ж-а кургак талаа ландшафттары мүнөздүү. Таманы шалбаалуу саздак топурактуу. Шыбак, ак кылкан, кара кыяк, чий, эрмен, эфемерлер өсөт. Талас суусунун боюнда терек, бадалдуу токой бар.

КАПКАН – аңчылык куралы. Териси баалуу айбандарды, жырткычтарды (мис., карышкыр, түлкү ж. б.) ж-а а. ч. зыянкечтерин (чычкан ж. б.) кармоого ылайыкталып жасалган. К-дын чарыш жиби м-н кийизин аң уулоочу жаныбар басканда тээк тайып, жаактын серпилгич күчү м-н кош серпоорү кыймылга келип, чонураак



Капкан: 1 – казыгы; 2 – жаагы; 3 – тээги; 4 – серпоорү; 5 – чарыш жиби; 6 – чарасы; 7 – чынжыры; 8 – кийизи; 9 – жалгыз жаактуу.

андын бутунан, кичирээктерин белинен да чаап калат. К-ды б. з. 1–8-к-нда эле хунн-түрк уруулары пайдаланган. К. салган, аны м-н аңчылык кылган адам капканчы деп аталат. К-дын эң алгачкы, өтө жөнөкөй түрү – ор К. Жаныбар өтүүчү жолго терең ан казылып, үстү билинбегендей кылып чырпык, чөп-чар м-н жабылган; таш К. жалпак таштын үстүнө экинчи жалпак ташты соомдой жыгачка жолоп (тээктеп) койгон, ага байланган жемди тиштеп тартып алганда, үстүнкү жалпак таш тээктен тайып, жем жегени жаткан жаныбарды басып калган; жуткуур К. суу түбүнөн кундуз кармоо үчүн колдонулган. О. эле темир К. жаагына карата: сынар же жалгыз жаак К., кош жаак К.; жаныбарга карата аюу К., карышкыр К., суур К. ж. б. К-дын бүткүл тетиктерин бириктирген эң астыңкы тегерек жалпак темири – чара, кош серпоордү кыймылга келтирүүчү серпилгич кош кат темири – жаак, жаак жогору серпкенде чабылып, анды кармап калуучу жаа түрүндөгү тиштүү ж-а тишсиз болүгү серпоор, ал эми К-дын жаагын бут же кол м-н кысып, серпоорун ачып, аны ошол абалында кармап туруучу кошоктолгон кош жыгач тээк деп аталат. Мындан тышкары К-дын тээк жип же чарыш, кийиз, айлампа, чынжыр, казык, токмок сыяктуу болүктөрү болот. Учурда да К. мергенчиликте кеңири колдонулат.

КАПКА-ТАШ КӨЛҮ Фергана тоо тизмегинин түн.-батыш тармактары – Кеңкол м-н Такталыктын аралыгында жайгашкан. Токтогул р-нунун аймагында. Аянты 0,96 *км*², суунун көлөмү 2,6 млн *м*³. Эң терең жери 50 *м*. Капка-Таш өрөөнүндө дениз деңг. 2305 *м* бийикте жатат. Тунуктугу 3 *м*. Көлгө 7 озон куюп, андан агып чыккан суу Кара-Суу көлүн толуктап турат. Боготөл көл түрүнө кирет.

КАПКА-ТАШ КЫРКА ТООСУ Ички Тенир-Тоодо, Кичи Нарын ж-а Сары-Күнгөй (Ооорук-Там) м-н Кара-Саз, Солтон-Сары ж-а Кок-Торпок тектон. өрөөндөрүнүн аралыгында. Нарын р-нунун аймагында. Уз. 40 *км*. Эң жазы жери 10 *км*.

Орт. бийикт. 3500 *м*, эң бийик жери 4146 *м* (Кара-Кыр чокусу). Кырка тоодо кембрийдин кумдук теги, томонку палеозойдун гранити басымдуу. Батышы бийик, чыгышы жапыз; түн.-чыгышы өтө басандап, Кызыл-Мойноктун белинде Жыланач тоосуна өтөт. Тоонун түн. бетинин тиктиги 25–40°, түштүгүнүкү 45–60°, капчыгайлуу. Түн. капталына токойлуу ж-а шалбаалуу талаа (2600–3600 *м* бийикте), батышында альп шалбаасы жана субнивалдык чөл басымдуу. Түш. бети какаң, кургак талаа өсүмдүктөрү өсөт. Батыш бөлүгү нымдуу болгондуктан, туландуу. Жайы

КАПОЭЙРА – б[illegible]алиялыктардын эрежесиз таймаш оюнлорун[illegible]түрү. К-да татаал акробатикалык ж-а алдам[illegible]кыймыл, буйтоо, каршылашын байкатпай [illegible]уу, ага күтүлбөгөн сокку уруу ж. б. ыкмалар [illegible]олонулат. К. 1500-жылдардан белгилүү. 1888-[illegible] Бразилияда кулчулук жоюлгандан кийин К. улуттук спорт түрүнө айланып, 1937-ж. улуттук спорт конфедерациясынан расмий укукка ээ болгон. К. б-ча алгачкы мектеп Сальвадор ш-нда К. чебери Бимба (Мануэль дос Рейс Мачадо, 1900–1974) тарабынан негизделген. 1950-жылдан К. б-ча расмий мелдештер спорт сүйүүчүлөр м-н профессионалдар арасында өткөрүлөт. Дүйнөлүк чемпионат Бразилияда өтөт. 1990-жылдардын ортосунан АКШда ж. б. өлкөлөрдө өткөрүлүүчү эрежесиз мушташтарда Грейси кланынын чеберлери (Бразилиялык жиу-жицуну ж-а валетюдону жайылткандар) жеңишке жетишкенден баштап, К. дүйнөгө кеңири кулач жайган. Азыр К. дүйнө б-ча 60тан ашык өлкөдө өөрчүдө. Кырг-нда К-га окшош эрежесиз мушташ түрлөрүнүн бири валетюдо (кочо мушташы) кеңири кулач жайып, атактуу спортчулар (Алмаз Акун ж. б.) бар.

Ад.: История боевых искусств. От нового света до Черного континента. М., 1997; *Гагонин А. С., Гагонин С. Г.* Психотехника рукопашной схватки. СПб., 1999. *Б. Усонканов.*

КАППАДО́КИЯ (гр. kappadokia) – Кичи Азиянын батышында (азыркы Түркия аймагында) жайгашкан байыркы аймак. К-нын алгачкы жашоочулары оздорүн хатталар деп атаган. Б. з. ч. 3-миң жылдыктын орто ченинде түн.-батыш тарабтан К-га индиевроп. уруулар басып кире башташкан. Б. з. ч. 20–19-к-да К-да ассириялык соода колониялары болгон. 19-к-дын 80-жылдарында К-нын аймагынан капподиниялык такталар деп аталган байыркы сириялык Канес колониясынын архивинен материалдар табылган (Түркиянын Күлтепе деген жеринде). Б. з. ч. 2-миң жылдыкта К. аймагы Хетт падышалыгынын озогу болгон. Б. з. ч. 6-к-дын башында К-ны Мидия басып алып, ал эми 6-к-дын 2-жарымынан Ахемениддер падышалыгынын бир болүгү болуп калат. Б. з. ч. 4-к-да К. Александр Македонскийдин мамлекетине карап, кийин Се-



Каппадокия эстеликтеринин жалпы көрүнүшү.

левкиддерге баш иет. Б. з. ч. 3–1-к-дын ортосунда К-да өз алдынча падышалык болуп, борбору Кайсери болгон (аты бүгүн да сакталып калган). Б. з. ч. 1-к-да (б. з. 17-к-нан) Римге баш ийип, Византия империясынын курамына кирет. 1074-ж. бул аймакты түрк-сельжуктар басып алат. 14-к-дын аягында Осмон империясынын бийлигине өткөн. Учурда Түркиянын Невшехир илиндеги (вилайетинде) Гёреме кышынын жанынан өткөн узун өрөөндү бойлой көп сандаган үңкүр жайлар, христиан монастырлары (чиркөөлөр, капеллалар, криптер, усыпальницалар, тамак ичүүчү бөлмөлөрү, келиялар) тарыхый эстелик катары музейлерге айланып, туристтердин кызыгып көрө турган жайларынын бири. Гёреме улуттук паркы ж-а аскалуу эстеликтер *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген.

Ч. Жумагулов.

КАПРИ́ЧЧО, к а п р и ч ч и о (итал. capriccio – кубулуу, назануу) – виртуоздуу стилде аткарылуучу эркин формадагы аспаптык пьеса. К. адегенде мадригал тибиндеги вокалдык пьеса болсо, 16–17-к-да ричеркар, *канцона*, *фантазия*, токката сымал полифониялык музыкага жакындаган. К-нун эң сонун үлгүлөрү – Н. Паганининин скрипка үчүн «24 каприччосу», Н. Римский-Корсаковдун «Испан каприччосу», П. Чайковскийдин «Италян каприччосу». Композиторлор көбүнчө К. үчүн элдик обондорду негиз кылып алышкан.

КАПРОЛАКТА́М – ε-аминкапрон к-тасынын лактамы. Ак түстөгү кристалл; б. эрүү t 68–70°С, кайноо t 262°С; сууда ж-а орг. эриткичтерде (спирт, эфир, бензол, хлороформ) жакшы эрийт.



К. циклдүү амид ε-аминкапрон к-тасын эрүү темп-расынан (210–220°С) жогору ысытуудан алынышы мүмкүн. К-та ж-а щелочтун суудагы

эритмесинде е-капрон к-тасына чейин гидролизденет. К. аз өлчөмдөгү суунун, спирттин, аминдердин, орг. к-талардын ж. б. бирикмелердин катышуусу м-н жогорку темп-рада (250–260°С) полимерлешип, «капрон» буласы алынуучу полиамид чайырын пайда кылат. К-ды фенолдон синтездөө ыкмасы кеңенирээк таралган. К. негизинен полиамид пластмассаларын, плёнкаларын, булаларын ж-а лизинди алууда колдонулат.

КАПТАГАЕВ Эмилбек Саламатович (18. 6. 1957-ж. т., Ысык-Көл обл., Ысык-Көл р-ну, Чок-Тал айылы) – мамл. ж-а коомдук-саясий ишмер. КРдин 3-класстагы мамл. кеңешчиси. Физика-математика илимд. кандидаты. 1980-ж. КМУну бүтүргөн. 1980–91-ж. Кыргыз ССР ИАнын Физика ж-а математика ин-тунда инженер, кенже ил. кызматкер, 1991–93-ж. КР Өкмөтүнүн алдында Жаштар иштери б-ча мамл. комиссиясында топтун башкы адиси-жетекчиси, Кырг-н КП БКнын 2-секретарынын жардамчысы, КР Мамл. контракт к-тинде болум башчы, Соода ж-а материалдык резерв министрлигинин орун басары, 1993–94-ж. КР Өкмөт аппаратынын болум башчысы, 1994–96-ж. КР Премьер-министрлигинин кеңешчиси, 1996–99-ж. КР Өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери б-ча мамл. комиссиянын торагасы, 1999–2002-ж. Ысык-Көл обл. мамл. администрация башчысы-губернатордун 1-орун басары, 2002–04-ж. Жети-Өгүз р-ндук мамл. администрация башчысы-аким, 2004–10-ж. «Улуу Биримдик» улуттук-демокр. партиясынын торагасы, «Ысык-Көл» биосфера аймагынын генералдык дирекциясынын директору, 2010–11-ж. Убактылуу Өкмөттүн мүчөсү, аппарат жетекчиси, КР Президентинин администрация башчысы, 2011-жылдан КР Президентинин аппарат жетекчиси. К. – 2010-ж. 7-апрелде Элдик рев-яны уюштуруучулардын ж-а өлкөнүн парламенттик башкаруу системасына өтүшүн ишке ашыргандардын бири. Ил. ж-а саясат маселелери б-ча 70ке жакын эмгектин автору.



КАПТА́Ж (лат. captage – кармайм, тосом) – жер астындагы суу, нефть ж-а газды жер бетине чыгаруу, пайдалануу үчүн жүргүзүлгөн инж.-тех. иш-чаралар комплекси. К. курулмаларынын эң байыркы түрлөрүнүн бири – кяриз (кыртыш суусун жер бетине чыгарат) Түш. Чыгыш Азияда (а. и. Борб. Азияда) коп колдонулган. Азыркы К. курулушу жердин гидрогеол. шартына, суунун курамына ж-а запасына карата ар кандай типте ж-а констр-да курулат. К-дын эң жөнөкөй түрү жер астынан суу чыгаруучу шахталык кудук. Кудук бекем болсун үчүн капталдарына таш, кыш тизилет. К-дын эң көп колдонулган түрү жалгыздан ж-а топтоштурулуп бургуланган козонок болуп эсептелет. Мындай К-дар 2 *км* терендиктеги сууларды жер бетине чыгарат. Пайдалануу ыгына жараша фонтандык, компрессордуу, насостуу, бургуланган козоноктүү К-га айырмаланат. Көбүнчө сугат ишинде ж-а мал сугарууда пайдаланылат.

КАПТАЛ, тоо капталы – коргактыктагы (тоо, дөнсөө, ороон капталдары ж. б.), о. эле, океан, деңиз түптөрүндөгү (суу астындагы) тоолордун, дөнсөөлөрдүн капталдарын материктик каптал, ички ж-а сырткы күчтөрдүн натыйжасында пайда болгон жантайыңкы жер, бет. К-дын турпаты ал жерди түзүп жаткан тоо тектердин курамына ж-а түзүлүшүнө, ага ж-а салыштырмалуу бийиктигине, К. процесстеринин ургаалдуулугуна, климат, өсүмдүк ж. б. табигый чойронун компоненттеринин өзгөчөлүктөрүнө, К. экспозицияларына байланыштуу болот. К. түз, дөмпөйгөн, кайкылуу (ичин коздой чункурайган), татаал түзүлүштүү, тепкичтүү түрлөрү бар. К-дын формасынын түрү аны түзүп турган тоо тектердин туруктуулугуна жараша болот. Рельефти пайда кылуу мүнөзүнө карата К-да *кар кочку, жер көчкү, солифлюкция,* делювий, эрозиялык ж. б. процесстер жүрөт. «К.» терминиин бет, *боор,* дөш, төш, кадуу сыяктуу синонимдери да бар. Топонимдин бир компоненти катары да кездешет. Мис., Каптал-Арык ж. б.

КАПТАЛДАП СҮЗҮҮЧҮЛӨР (Amphipoda) – таатаал түзүлүштүү рактар түркүмү. Уз. 1–2 *см*ден 28 *см*ге жетет. Көпчүлүк түрүнүн денеси капталынан кууш, башы 1–2 көкүрөк муунагы м-н биригип, кыймылсыз. Көкүрөк бутунун алдыңкы экөөнүн кыпчууру бар. Курсагында эки ача 3 жуп сүзгүч буту ж-а секирүүгө ыңгайланган буттары болот. Капталдап сүзөт. 4500гө жакын түрү көбүнчө деңизде, айрымдары тузсуз колдо жашайт. Кээ бири жырткыч, мис., кит биттери – кит эктомителери. Өздөрү балыктарга жем.

КАПТАЛ КЫРКА ТООСУ Чоң Кавказ тоо тармагына кирет. Башкы же Суу-Болгүч кырка тоосунун түндүгүндө ага жарыш жатат. Чокмо, кристаллдык ж-а чополуу сланец, гранит тектеринен турат. К. к. т-нда эң бийик чокулар – Эльбрус (бийикт. 5642 *м*), Дыхтау (5203 *м*), Казбек (5033 *м*), Тебулосмта (4493 *м*) ж. б. жайгашкан. Аскалуу кооз кырларына рельефтин альп тибиндеги формалары, нивалдык ж-а гляциалдык-нивалдык ландшафттар мүнөздүү. Капталдарын ийне жалбыректуу токой, альп ж-а субальп шалбаалары ээлейт. Моңгулүү. Табигый ландшафттары Кавказ, Кабарда-Балкар, Казбеги, Түн. Осетин ж. б. коруктарда, Эльбрус этеги улуттук табият паркында корголот. Тоо-лыжа спортунун, альпинизмдин ж-а туризмдин бор-бору.

КАПТАЛ МОРЕНАСЫ — тоо моңгүсүнүн чет-жакасын бойлой кар чегинен төмөн жаткан шагылдын ж-а тоо тек сыныктарынын чогундусу; моңгү м-н кошо жылат. К. м. моңгү тилинин чети м-н созулуп, жалдарды пайда кылат. Моңгү эригенде, жээк моренасына айланат.

КАПТАЛ СЫЗЫК (Linea lateralis) – сууда жашоочу омурткалуулардын (оймок ооздуулар, балыктар, айрым жерде-сууда жашоочулар) личинкасынын кээ бир жетилгендеринин дене капталында ж-а башында сызык түрүндө жайгашкан сезүү органы. Органакта, жерде-сууда жашоочулардын К. с. сызыгы конок башта гана сакталган. К. с. – бул гидромосенсордук тери органдары, суунун анча-мынча термелишин ж-а жылышын сезүүгө жөндөмдүү, себеби эктодерманын үстүндө же аныктайда чункурчасындагы сездиргич клеткалар арасында жатат. Балыкта терининн калың жеринде узунунан кеткен каналды түзөт, андан сыртка карай майда тешикчелер чыгат. К. с-тын түзүлүшү ж-а жайгашышы көпчүлүк балыктарга систематикалык белги болуп эсептелет.

КАПТАЛ ТЕКТЕРИ – кендин капталынан орун алган же жанаша жаткан тектер. Эгер кен тегиз, түз багытта жайгашса, кендин асты жагындагы тектер таманы, үстүндөгү кабаты жабуусу деп аталат. Ал эми кыйгач жаткан кабаттарда таманы астыңкы, жабуусу үстүнкү кабат болуп эсептелет.

КАПТАЛ ЭРОЗИЯСЫ – агын суулардын таасиринен өзөндүн жээктеринин, капталдарынын жемирилиши, оюлушу, урап түшүшү. Дарыялар түздүкто мелмилдеп жай агат. Суу м-н келген агынды (кум, чопо, топурак, тектердин кесек талкаланган болүкчөлөрү) суунун нугуна, түбүнө чогот. Суу жогору которулуп, тайыздап, кечмеликке айланат. Ошол убакта өзөндүн жээги, капталы жемирилип, жар пайда болот. Жардын түбү эшилип, оюлуп, урап түшөт. Суу нугунун туурасы кеңийт. Мындай кубулуш каптал тектеринин түзүлүшүнө, камдашуусуна, борпондугуна, рельефке, аккан суунун ылдамдыгы м-н өлчөмүнө, о. эле климаттык шартка, жаанчачындын аз-көбүнө байланыштуу болот.

КАП ТООЛОРУ – Африканын түш. четинде, ТАРдын аймагында жайгашкан орто бийиктеги тоолор. Порт-Элизабет ш-нан (чыгышы) Олифантс д-нын чатына (батышы) чейин 800 *км*ге созулат. Жарыш жаткан бир нече кырка тоолордон (Свартберг, Лангеберг ж. б.) турат; орт. бийикт. 1500 *м*, эң бийик жери 2326 *м*. Тектон. жактан герцин бүктөлүүсүнө кирет. Палеозойдун кумдук, алевролит ж-а кварцит тоо тектеринен түзүлгөн. Субтропиктик климаттык алкакта жайгашкан; батышында жер ортолук деңиздик климат өкүм сүрөт; тоо аралык ойдундарда ж-а түндүктөгү тоолордун ылымта капталдарында 250 *мм*ден, тоолордун айдарым түш.-батыш капталдарына 1000 *мм*ге чейин жаан-чачын жаайт. Кышында кыр болүгүнө кар түшөт. Батышына күрөң топурактуу дайыма жашыл бадалдар (финбош) ж-а сейрек токой, чыгышына аралаш токой (виддрингтония), ылымта беттерге ж-а ички ороондөргө бозомук-күрөң топурактуу жарым чөл өсүмдүктөрү мүнөздүү. Флорасынын 70%и эндемиктер. К. т-нун чегинде 100гө жакын табигый аймак коргоого алынган, алар – коруктар, улуттук парктар ж. б. Алардын 8и *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген.

КАПУ́СТА (Brassica L.) – өсүмдүктөрдүн кайчы гүлдүүлөр тукумунун уруусу. Көпчүлүк түрү бир же эки жылдык жашылча, май алынуучу, тоют өсүмдүгү. К-нын үч түрү Евразия ж-а Түн. Америкада өсөт. К. жаны кезинде, о. эле туздалгандан кийин тамак-аш жасоодо (борщ, салат ж. б.) керектелет. Кышка жакшы сакталат. Бардык континентте өстүрүлөт. Алар: ак, савойя, брюссель, жалбыректуу, кытай, түстүү, тоют К-сы ж. б. болуп бөлүнөт. Райондоштурулган сорттору: Грибов 147, Стахановка 1513, Данк 1305, Беларусь 455, ж. б. Савойя К-сында бе-



Капуста: 1 – ак кочандуу капуста; 2 – жарa кесилиши.

1 2

лок, С витамини көп, даамдуу, бирок туздалбайт; сорттору – Юбилей 2170, Вена эртечили 1346, Вертю 1340 ж. б. Брюссель К-сы сууга бышырылган түрүндө тамак-ашка керектелет. Кенири таралган сорту Геркулес 1342. Кольраби кант ж-а С витаминиинин көптүгү м-н айырмаланат; тамак-ашка чийки, куурулган же демделген түрүндө керектелет. Жалбыректуу К. жашылча, тоют алуу максатында, о. эле кооздук үчүн да эгилет. Пекин К-сында С витамини, кальций, фосфор, темир туздары бар. Түстүү К. эрте жетилет, жылытылмада өстүрүлгөнү жыл бою түшүм берет. Райондоштурулган сорттору: Снежинка, Ата Мекен, Москва, Түшүмдүү ж. б. Жалбыректуу К-нын бир түрү – тоют К-сы баш байлабайт, а. ч. үчүн маанеси чоң. Сабагынын бийикт. 1–1,5 *м*ге жетет. Жылуу жерде жакшы өсөт. Углевод, минерал туз, витаминдерге бай. Хим. курамында 85,6% суу, 2,3% протеин, 0,4% май, 2,3% клетчатка ж. б. бар. Бардык мал жакшы жейт. Гектарынан 500–600 *ц* (күрдүү жерде айдалып, ным жетиштүү болсо 800–1000 *ц*) жашыл тоют берет. К. – суук-

ка байымдуу жашылча өсүмдүгү. К-ны көчөтүнөн өстүрүү ыкмасы кеңири таралган. К-нын Кырг-нда эгилүүчү сорттору: Грибов 147, Данк 1305, Үмүт, Кыргыз, Чүй, Судья 146 ж. б. Зыянкечтери: К. чымыны, К. күбөсү, К. үкүчөсү, К. канталасы ж. б.; илдеттери: жалган чаңгыл кебер, альтернариоз, боз чирик, ак чирик ж. б.

КАП ҮҢКҮРҮ – Россиядагы Түш. Уралдын батыш капталындагы эң ири карст үңкүрү; табият, тарых ж-а мад-т эстелиги. Шульганов (башка аты Гадельгареев) кыш-нда, Ак (Белая) суусунун оң жээгинде. Үңкүр акиташ ж-а доломит тектеринин арасында пайда болуп, 14 *м* келген тик кудук аркылуу туташкан ири оюктардан ж-а кенен коридорлордон турат. Алар эки ярусқа жайгашып, жалпы уз. 2 *км*ден ашык. Дубалга таш доорунун аягында тартылган сүрөттөр төмөнкү, үстүнкү ярустарда тең кездешет. Мамонт, жылкы, керик, бизон ж. б-дын 50дөн ашык сүрөттөрү, геом. формалар кызыл охра



Үңкүрдөгү дубалга тартылган сүрөттөр.

м-н тартылып, каралжын сыя көк-күрөң, кара боёктор пайдаланылган. Сүрөттөр түрдүү масштабда берилген. 50 $м^2$ аянтта мад-т катмары табылган. Казуу учурунда таш м-н сөөктөн жасалган буюмдар (а. и. курал-жарактар ж-а жасалгалар), ылайдан жасалган чырак, сүрөттөр тартылган дубалда охрага окшош минералдык боёктордун таарындылары табылып, байыркы убакта дубалдан кулаган акиташта жаныбардын (болжолу мамонттун) сүрөтү тартылган фрагмент сакталган.

Ад.: *Кудряшов И. К.* Путеводитель по Каповой пещере. Уфа. 1969; *Широков В. Н.* Искусство под сводами пещер // Культовые памятники горно-лестного Урала. Екатеринбург, 2004; Капова пещера //Большая Российская Энциклопедия, Т. 13. М., 2009.

КАПЧЫГАЙ – тоолордогу капталдары тик, кууш, терең ороон. Негизинен терендиги туурасынан ашык болот. Чулу катуу тоо тектерде ж-а лёсстордо пайда болот. Көбүнчө тоолордо кездешет, V сымал формага ээ. Терендиги бир нече ондогон же жүздөгөн *м*ден 1 *км*ге чейин ж-а андан да ашык болот. Эрозиялык К. м-н кошо тектон. (жер кыртышынын жаракаларынан пайда болот) ж-а карсттык К. да кездешет. Кырг-ндагы ири К.: Боом, Кокомерен, Төмөнкү Нарын, Кара-Балта ж. б. Айрым К-ларга ири



Ала-Арча капчыгайындагы Ала-Ар[illegible]суусунун ортонку бөлүгү.

ГЭСтер курулган; мис., Төмөнкү [illegible]арын ж. б. Өтө кууш ж-а терендери *шаңшаар* деп аталат. Рельефтин мындай формаларына байланыштуу пайда болгон топонимдер Кырг-ндын аймагында арбын кездешет. Мис., Баткен ж-а Ноокат р-ндорундагы кыштак, Кемин р-нундагы корукча, Түш. Теңир-Тоодогу өрөөн ж. б.

КАПЧЫГАЙ – Түш. Теңир-Тоодогу кууш өрөөн. Түштүгүнөн Алайкуу, Академик Адышев кыркa тоолору, түндүгүнөн Фергана тоо тизмеги м-н чектешет. Кара-Кулжа р-нунун аймагында. Уз. 80 *км*. Таманы деңиз денг. 1200–2000 *м* бийикте. Кууш капчыгайлуу, кокту-колоттуу; Фергана тоо тизмеги тарабы жантайыңкы, Алайкуу жагы тик. Негизинен палеозойдун сланец, алевролит, кум-шагыл, конгломерат, акиташ тектеринен түзүлгөн. Жайы ысык (июлдун орт. темп-расы 15°С), кышы суук, ызгаардуу (январдыкы −16°С). Өрөөн аркылуу Тар суусу агып өтөт. Негизинен талаа (1300–1600 *м*), токойлуу талаа (1600–1900 *м*), токойлуу шалбаа (1900–2500 *м*) ландшафттары мүнөздүү. Дыйканчылыкта пайдаланылат. Өрөөндө жайыт, чабынды жерлер да бар.

КАПЧЫГАЙ ПАЛЕОЛИ́Т «ӨНӨРКАНАСЫ» – төмөнкү палеолит дооруна таандык таш куралдар эстелиги. Кадамжай р-нундагы Марказ айылынан 20 *км* түш. тарапта жайгашкан. Арпалык тоосунун капчыгайында таш курал жасоочу оттук таш тегинин катмары табылган. Мустье доорунда ушул жерден таш куралдарын жасашкан. 1956-ж. археолог П. Т. Конопля ачып, 1957–59-ж. П. Т. Конопля, В. А. Ранов, кийин А. П. Окладников изилдеген. 2001-жылдан археологдор А. П. Деревянко, А. Н. Зенин жетектеген россиялык-кырг-ндык палеолиттик топ изилдеп жатат.

КАР – атм. жаан-чачындын ар түрдүү формадагы муз кристаллдарынан турган түрү. К. негизинен 6 бурчтуу жылдызча түрүндө болуп, булуттан темп-ра 0°Сден төмөн болгон кезде жаайт. Мелүүн ж-а жогорку кеңдиктерде К. – *кар катмарын* пайда кылуучу типтүү кышкы жаан.

К-дын түшүү көлөмү *кар ченегич* м-н өлчөнөт, к. *Кар кристаллдары*.

КАРА-АКМАТ КӨРҮСТӨНҮ – Кетмен-Төбө өрөөнүнүн Кара-Акмат жергесинде жайгашкан коло дооруна таандык мүрзөлөр. Алар таш, топурак м-н үйүлгөн жүзгө жакын дөбөчөлөрдөн, төрт чарчы көлөмдүү коргончолордон турат. Чопо идиштердин сыныктары, адамдын өрттөлгөн сөөк калдыктары табылган. К.-А. к-н археолог П. Н. Ко[illegible]яко казып, изилдеген.

КАРА АКСАК (Ра[illegible]naychia contagiosa) – малдын туягын сезгентүү[illegible]кугуштуу ылаң. Адегенде, салаасы жабырк[illegible]кийинчерээк терең жарага айланып, туякт[illegible]ритет. К. а. м-н кой, эчки ж-а бодо мал ыл[illegible]айт. Ылаң козгогуч бактерия туяктын ар [illegible]дай жаракатында, нымдуулукта ж-а органи[illegible]начарлаганда жугат. Ылаң соо малга ылаң[illegible]кан койдон, микроб м-н булганган кыктан, суудан, топурактан, тоюттан ж. б-дан жугат. Кырг-ндын шартында К. а. айрыкча жаз ж-а күз мезгилдеринде кеңири таралат. Ылаңдын букма мезгили 3–6 күн. Ылаң белгилери башталганда эле бардык ылаңдуу мал өзүнчө бөлүнүп, аларды сиңимдүү тоют ж-а кургак жайлар м-н камсыз кылуу зарыл. Өсүп кеткен туякты кесип, жараланган жерлерин тазалайт. К. а. женил формада өткөндө аэрозолдуу дарылар – кубатол ж-а хроницин жакшы натыйжа берет.

Ад.: *Архангельский И. И. и др.* Копытная гниль овец. М., 1986; *Раимбеков Д.* Эпизоотология жана айыл чарба жаныбарларынын жугуштуу ылаңдары. Б., 2007.

КАРА-АЛМА – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нундагы кыштак. Кара-Алма айыл округуна караштуу. «Кара-Алма» токой чарбасынын борбору. Деңиз денг. 1420 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 62 *км* түн.-чыгыш тарапта. Багыш т. ж. бекетинен 40 *км*дей. Кыштак 1934-ж. негизделген. Калкы 2029 (2007); негизинен токойчулукта эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү ж-а ФАП бар.

КАРА-АЛМА МА́РГАНЕЦ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нунда, Жалал-Абад ш-нан 50 *км* түн.-чыгышта. Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш этегиндеги Кара-Алма суусунун алабында жайгашкан. 1937-ж. табылып, 1942-ж. чалгындалган. Кен чөкмө түрдө пайда болуп, бор мезгилинин кумдук катмарында топтолгон. Ал негизинен кварц-марганецтүү кумдук, чанда кумдуктуу марганец конкрецияларынын кабатчалары м-н линзаларынан турат. Марганецтин кенташтагы орт. өлчөмү 6,0%. Негизги минералы пиролюзит. Марганецтин запасы: C_1 категориясы б-ча C_1– 11,458 мин *т*, C_2– 17,665 мин *т*. C_1+ +C_2 – 29,118 мин *т*.

КАРА-АЛМА ӨРӨӨНҮ – Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы кооз жер. Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нунда. Жалал-Абад ш-нан 48 *км* түн.-чыгыш тарапта. Өрөөн аркылуу Көгарттын оң куймасы Кара-Алма суусу агат. Уз. 28 *км*. Деңиз денг. 1380–3705 *м* бийикте. Рельефи б-ча экиге бөлүнөт: Фергана тоо тизмегинин кырына жакын жаткан бийик жагы аскалуу, корум-шагылдуу, төмөнкү бөлүгүнүн рельефи жылма келип, тегизделген жондордон, адырлардан турат. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы −2,3°С, июлдуку 23,5°С. Жылдык жаан-чачыны 900–1000 *мм*. Төмөнкү бөлүгүнүн (1000–2200 *м* бийикте) көбүн жыш жаңгак, мөмө-жемиш токою, түрдүү бадалдар ээлейт. Андан жогору субальп, альп шал-



Өрөөндөгү жаңгак-жемиш токою.

баалуу ландшафт алкактары жатат. Токоюнда элик, аюу, кашкулак, каман, каракур, кыргоол, кекилик, чүткөр ж. б. жаныбарлар бар. Жаңгак токойлуу К.-А. о. – кооздугу жагынан сейрек кездешүүчү жайлардын бири. Эс алуу жайына айланууда. Мында балдар лагери ж-а токой чарбасы бар. Өрөөндө Кара-Алма, Марча ж. б. кыш. жайгашкан.

КАРА-АРЧА КОРУКЧАСЫ – Кара-Буура р-нундагы мамл. ботан. корукча (заказниги). Талас Ала-Тоосунун түн. капталында. Кара-Арча суусунун алабында. Аянты 100 *га*. Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине кирген Грейг жоогазынынын табигый шартта жакшы өсүп ж-а көбөйүп жаткан ареалдарын коргоо максатында 1980-ж. уюшулган.

КАРА-АЧА, К а л и н и н – Жалал-Абад обл-нун Базар-Коргон р-нундагы кыштак. Бешбадам айыл округуна караштуу. Деңиз денг. 815 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 8 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 36 *км*. Кыштак 1900-ж. негизделген. Калкы 2485 (2008); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана ж-а мечит бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, ФАП иштейт.

КАРАБАЕВ Нурудин Абылаевич (27. 7. 1951-ж. т., Талас р-ну, Калба айылы) – а. ч. илимд.

доктору (2000), проф. (2003). К. И Скрябин атн. КАЧИни (1973), Кырг-н топурак таануу ИИИнин аспирантурасын (1979) бүтүргөн. 1973-жылдан Кара-Буура р-нундагы Көк-Сай мамл. асыл тукум чарбасында агроном болуп иштеген. 1974-жылдан Кырг-н топурак таануу ИИИде ага ил. кызматкер, 1982-жылдан лабор. башчысы. 1986–88-ж. Кыргыз ил.-тех. информация ин-тунда Агро-о. ж. комплекси бөлүмүнүн башчысы, 1989–91-ж. КРдин Айыл, суу чарба ж-а кайра иштетүү министрлигинин продукция даярдоо ж-а сапатын текшерүү мамл. инспекция-башкармалыгынын башчысынын орун басары. 1991-жылдан КАУда доцент, кафедра башчысы, 2000–04-ж. проректор. 2004–09-ж. Агроинженерия ин-тунун директору, 2009-жылдан проф., 2011-жылдан декан. Агрономия, топурак таануу, топуратын асылдуулугун изилдөө, агрохимия, дыйканчылык ж-а экология маселелерине арналган 200гө жакын ил. эмгектин, а.и. 5 монография, 3 окуу китептин автору.

Эмг.: Өсүмдүктөрдүн фитомассасы жана алардын топуратын асылдуулугуна тийгизген таасири. Ф., 1989; Кыргызстандагы дыйканчылыктын негиздери. Б., 1993; Донные наносы водохранилищ и их использование в сельском хозяйстве. Б., 1999; Агрохимико-экологические основы плодородия и продуктивности горных почв Кыргызстана. Б., 2000; Агрономия. Б., 2009.

КАРАБАЕВ Султан Өсконович (9. 04. 1954-ж. т., Талас ш.) – химия илимд. доктору (2001), проф. (2002). Ленинград МУну (1976), ошол эле жерде аспирантураны (1982) бүтүргөн. (1982–2006). 2006-жылдан КМУда лаборант, инженер окутуучу, лабор. башчысы, улук окутуучу, доцент, декан. КУУнун алдындагы ЮНЕСКОнун кафедрасынын башчысы. Физ. химия, эритмелердин электр-химиясы б-ча адис. 100дөн ашык ил. эмгеги, а. и. 2 монография, 3 окуу куралы бар.

Эмг.: Физическая химия для классов с углубленным изучением химии (уч. пособие в соавторстве). Б., 1991; Транспортные и термодинамические характеристики водно-органических растворов электролитов (в соавторстве). Б., 2001; Химиялык термодинамика боюнча маселелер жыйнагы (авторлош). Б., 2001; Эффекты избирательной сольватации ионов и неэлектролитов в бинарных растворителях (в соавторстве). Б., 2001.

КАРА-БАК (1971-ж. чейин Раут-Коргон) – Баткен р-нундагы кыштак. Кара-Бак айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 810 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Баткен ш-нан 12 *км* түн. тарапта. Исфара т. ж. бекетинен (Тажикстан) 20 *км*. Калкы 6,6 мин (2011); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү, амбулатория, дарыкана бар.

КАРА-БАК ЦЕЛЕСТИН КЕНИ Баткен р-нунда, Баткен ш-нан 8 *км* түн.-чыгышта, деңиз деңг. 800–890 *м* бийикте. 1959-ж. чалгындалган. Целестин кенташы акыркы бор мезгилиндеги кумдук ж-а чопо тектеринин арасында жатат. Кенташтын тулкусу 1600 *м*ге созулуп, калыңдыгы 0,15–1,15 *м* болгон 4 катмарчадан турат. Кен эки типтеги кенташтан – желвак ж-а чачыранды түрдө кездешет. Биринчи типтеги кенташта целестиндин өлчөмү 66,3%, экинчисинде – 2,66%. Кенташ тулкусундагы целестиндин орт. өлчөмү 6,15%. Технол. изилдоолордун негизинде целестиндин өлчөмү 86,7%ке жеткен аралашма алынары аныкталган. Целестиндин запасы: В категориясы б-ча – 2,6 мин *т*; C_1 – 20,9 мин *т*; C_2 – 93,7 мин *т*.

КАРА БАЛТА, кыргыз балта – курч темирден жасалган, узун сапту, эмгек шайманы. Мизи сабына жарыш, ал жазы эмес (6–8 *см*), башы унгусуна чейин кайра, сапталуучу көзөнөгү тегерек, сабынын уз. 50–60 *см*. Четин, кайың сыяктуу жумуру жыгачтан жасалат. К. б. ак балтага караганда 1,5–2 эсе оор келип, көбүнчө отун жарууга колдонулат. К. б. азыр сейрек кездешет.

КАРА-БАЛТА, Көл-Башы – Жайыл р-нундагы суу, Ак-Суунун (Чүйдүн алабы) сол куймасы. Уз. 133 *км*, алабынын аянты 577 $км^2$. Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталынан башталат. Алабынын деңиз деңг. орт. бийикт. 2910 *м*. Өрөөнүнүн таманы кууш, жогорку бөлүгү туюк төрлөр м-н бүтөт. Алабында чакан мөңгүлөр ж-а көлдөр бар. К.-Б-нын жалпы уз. 268 *км* келген 84 куймасы бар; негизгилери: Чон-Мазар (12 *км*), Абла (11 *км*), Туюк (16 *км*). Орт. чыгымы 5,25 $м^3/сек$. Май айынан сентябрдын ортосуна чейин кирип, сентябрь – апрель айларында тартылат. Июнь – июль айларында суусу мол болуп, орт. чыгымы 14 $м^3/сек$, айрым жылдары 21–22 $м^3/сек$га жетет; февраль – март айларында 1,60 *м/сек*га азаят. Байкалган эң көп чыгымы 71 $м^3/сек$, эң азы 0,65 $м^3/сек$. Жылына орто эсеп м-н 23 сутка суунун бетин муз каптап жатат. Шыргалаң ноябрдын аягында башталып, марттын ортосунда токтойт. Январь–февраль айларында суунун темп-расы 1°С, июль – августта 11,2°С, айрым күндөрү 17,0°Сге чейин жогорулайт. Суусунда тоо жилиңгири, маринка балыктары бар. Сугатка пайдаланылат. К.-Б-дан 20 $м^3/сек$ суу өткөрүүчү Таш, ГЭС, Чон Жетиген каналдары чыгарылган. Төмөнкү агымында Кара-Балта суу сактагычы курулган. Өрөөнүндө Кара-Балта ш., Моңолдор, Сары-Булак, Сосновка, Ставрополовка, Степной кыш. жайгашкан.

КАРА-БАЛТА – Чүй обл-нун Жайыл р-нундагы шаар, райондун борбору. Чүй өрөөнүндө, Кара-Балта суусунун боюнда, Бишкек – Тараз (Казакстан) – Ташкент (Өзбекстан) автомобиль жолунун жээгинде, деңиз деңг. 780 *м* бийикте жайгашкан. Бишкек ш-нан 62 *км*, облустун борбору Токмок ш-нан 122 *км* батыш тарапта. Шаар 1975-ж. 9-сентябрда Кош-Тегирмен шаарынын м-н Калинин кыш-нын бир бөлүгүнүн кошулушунан пайда болгон. Аянты 320,1 *га*. Калкы 37,8 мин (2009): кыргыз, орус, украин, өзбек, немис, казак ж. б. улут өкүлдөрү да жашайт. Т. ж. бекети бар. Шаарда облустун ө. ж. продукциясынын 70%и өндүрүлөт. Уран ж-а алтын концентраттарын тазалоочу, тамак-аш (кант, спирт, ун, нан, сүт, консерва), электр-тех. буюмдар, кийим тигүү ө. ж. ишканалары, килем комбинаты, «Кыргызалтын» АКтын «Афинаж» з-ду иштейт. Шаарда 11 орто, 2 башталгыч, 2 жатак, муз. ж-а спорт мектептери, китепканалар, 2 кесиптик лицей, тамак-аш ж-а мед. окуу жайлары, Тех. ун-ттин филиалы, Чүй ун-тинин окуу-консультация пункту, Хизрети Осмон атн. Ислам дини б-ча ЖОЖ, христиан диний окуу мектептери, 2 мад-т үйү, музей, 2 кинотеатр бар. Үч поликлиника (а. и. тиш дарылоочу), 2 оорукана, 2 санитария-эпидемиология станциясы, банктар, базарлар иштейт. Шаардын чегинде мечиттер ж-а чиркөөлөр жайгашкан.



Шаардын кире бер[illegible]ы.

КАРА-БАЛТА КАПЧЫГАЙЫ – Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталындагы терен, кууш капчыгай. Жайыл р-нунун аймагында. Уз. 50 *км*ге чейин, туурасы төмөнкү бөлүгүндө 5–8 *км*, аянты 577 $км^2$. Орт. бийикт. 3100–3400 *м*. Капчыгайдын таманы кууш (туурасы 30–150 *м*), капталы тик, деңиз деңг. 1000–2800 *м* бийикте. Тепши сымал өрөөндөр 2600–2800 *м* бийиктен башталып, жабык төрлөр м-н бүтөт. Капчыгайдын төмөн жагындагы терендиги 300–900 *м*, ортосунда 1700–2400 *м*, жогорку бөлүгүндө 800–1000 *м*. Зоокалары астыңкы ж-а ортонку ордовиктин сары-жашыл түстүү алевролит, чополуу сланец, кумдук, мраморлошкон ачык сары акиташ теги, конгломерат ж-а девондун жанартоо туфтарынан ж. б. эффузия тоо тектеринен түзүлгөн. Капчыгай неоген, төртүнчүлүк мезгилдеринде Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталынын тектон. көтөрүлүүсүнө байланыштуу суунун жерди ургаал жемирип-жешинен пайда болгон. К.-Б. к-нын капталдарында кургак жылгалар, сайлар, эшилме шагыл м-н кум көп. Суу бөлүүчү негизинен байыркы түздүктөрдүн калдыктарынан (пенеплен) турат. Топурак ж-а өсүмдүктөрү бийиктик б-ча өзгөрөт. Кылканактуу-дүйүм чөптүү талаа (1000–1600 *м*), токой-шалбаалуу талаа (1900–2700 *м* бийикте; мында арча, четин, кайың, тал, бөрү карагат, ит мурун ж. б. өсүмдүктөр өсөт), субальп (2700–3100 *м*) ж-а альп шалбаасы (3100–3400 *м*) мүнөздүү. Суу бөлүүчү ж-а тепши сымал өрөөндөрү жайыт катары пайдаланылат. Капчыгай аркылуу Бишкек – Ош автомобиль жолу өтөт.



Кара-Балта капчыгайы. Бишкек – Ош автомобиль жолу.

КАРА-БАЛТА КЕНТАШ КАЛДЫГЫН САКТОО ЖАЙЫ Чүй обл-ндагы Кара-Балта ш-нын аймагында. 1952-ж. ишке киргизилген. Аянты 10 800 $м^2$. Мында Кара-Балта тоо-кен комбинатынан иштетилип чыккан кен калдыктары (уран тобундагы элементтер) сакталат. Гамма нурлануусунун кубаттуулугу 30–220 *мкР/с*. Жер титирөөгө туруктуулугу 8 баллга чейин. Экол. жактан дээрлик канааттандырарлык.

«КАРА-БАЛТА КИЛЕМИ» – жоопкерчилиги чектелген коом (2004). 1983-ж. ачылган «Кыргыз килеми» ишканасынын базасында түзүлгөн. Жүн ж-а синтездик жиптерден килем токулат. Күнүнө 200 $м^2$ продукция чыгарылат. Ишкана заказ да кабыл алат, а. и. чет өлкөлөрдөн.

КАРА-БАЛТА КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ Чүй обл-нун Панфилов р-ндагы Калинин кыш-нан 10 *км* түш.-батыш тарапта, Чон Кайынды суусунун боюнда, деңиз деңг. 860–1000 *м* бийикте. 1982-ж. Түн. Кыргыз геол. экспедициясы чалгындаган. Кен аймагы антропогендик чөкмө тектерден турат. Пайдалуу кум-шагыл катмары кашат тектирин түзүп жатат. Уз. 1400 *м*, калыңдыгы 6–10 *м*. Шагыл жакшы сүрүлүп жылмаланган. Гранулометриялык курамы: 500–70 *мм* – 28,74%, 70–5 *мм* – 46,17%, 5 *мм*ден майдасы – 25,07%. Шагылдын 69,55% магмалык тектердин сыныктарынан турат. Кум-шагылды бетонго кошунду катары пайдаланса болот. Запасы А+В категориясы б-ча 4763 мин $м^3$, А+В+C_1 – 12698 мин $м^3$. Карьерден казып алууга ынгайлуу.

КАРА-БАЛТА СУУ САКТАГЫЧЫ Жайыл р-ндагы Кара-Суу кыш-нан 6 *км* жогору жайгашкан. 1963-ж. курула баштап, 1964-ж. ишке киргизилген. Ал Кара-Балта суусу м-н толот. Суу агымын жыл мезгилине жараша жөнгө салат. Сугатчылыкта пайдаланылат. Уз. 2,45 *км*, эң

жазы жери 1,25 *км*, эң терең жери 7,92 *м*, суу толгондогу аянты 0,49 *км*², сыйымд. 4,3 млн *м*³. Суу өткөрүү мүмкүнчүлүгү 5 *м*³/*сек*. Плотинанын уз. 197 *м*, туурасы 3 *м*, эң бийик жери 11,68 *м*. Жайыл р-нунун 1,68 миң *га* жерин суу м-н камсыз кылат.

«КАРА-БАЛТА ТОО-КЕН КОМБИНАТЫ» – акционердик коом (1997). Кара-Балта тоо-кен комбинатынын базасында түзүлгөн. Ишкана ураны бар кендерден уран чала оксидин, молибденди өндүрөт, дем алуу органдарын коргоочу «Лепесток» каражатын чыгарат. Комбинаттын курамына гидрометаллургия з-ду, борб. ил.-из. лабораториясы, «Чолпон» ф-касы, т. ж. цехи, басмакана, байланыш түйүнү, транспорт участкасы, Тоо-тех. ж-а реабилитациялык иштер б-ча башкармалык ж-а профилакторий кирет. Продукциянын негизги түрүн гидрометаллургия з-ду иштеп чыгат. Бул ураны бар сырьёну кайра иштетүүчү ири ө. ж. комплекси 1955-ж. курулуп, пайдалануугa берилген.

КАРА-БАТКАК МӨҢГҮСҮ – Тескей Ала-Тоонун түн. капталындагы жабык төр тибиндеги мөңгү. Уз. 3,5 *км*, туурасы 300–400 *м*, аянты 4,5 *км*². Чоң Кызыл-Суунун алабында жайгашкан. Мөңгүнүн башы дениз деңг. 4800 *м*, этеги 3300 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4050 *м*. Абляциясынын аянты 1,6 *км*². Мөңгү таманы бир аз жантайыңкы келип, кенен төрдө жатат.



Кара-Баткак мөңгүсүнүн тулкусу.

Куралуу облусу м-н «тилинин» ортосунда бийикт. 20–30 *м*дей келген мөңгү жатат. Мөңгүнүн сол жак четинде тоо тектердин уранды сыныктары үйүлүп корумду түзөт. Каптал морена бар. Зор дого сымал аяккы морена м-н мөңгүнүн этегинин аралыгында мөңгү көлү пайда болгон. Мөңгү тартылууда (жылына 5–6 *м*). Калыңдыгы 50 *м*ден 80 *м*ге чейин өзгөрөт. Андан агып чыккан суу Чоң Кызыл-Суунун оң куймасы Кашка-Төргө куят. Мөңгүгө 1947-жылдан тартып үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүлүүдө. Эл аралык геофиз. жылдын (1957-ж., 1-июль) программасы б-ча 1-категориядагы байкоолорду жүргүзүү үчүн атайын тандалган. СССР убагында анын материалдары Москвадагы ж-а Цюрихтеги эл аралык ил. борборлорго жөнөтүлүп турган. Кийинки мезгилде мөңгүдө кээ бир гляциалдык-метеорол. байкоо-изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Экол. жактан таза, туюк төр.

КАРА-БАТКАК ОФИКАЛЬЦИ́Т КЕНИ Ысык-Көл обл-нын Жети-Өгүз р-нунда, Кызыл-Суу кыш-нан 28 *км* түш. тарапта, Тескей Ала-Тоонун түн. капталындагы Чоң Кызыл-Суу өрөөнүнүн төрүндө. Кен аймагында протерозойдун акиташ теги, сланец, кварцит сыныкчаларынан турган морена орун алган. Мыңдай туурасы 20–40 *м*, уз. 400 *м* аянтта моренаны 5–10% ин түзгөн офикальцит койташтары, [illegible] *м* шагылдары кездешет. Офикальцит кооз мелип, кызгылтым боз, күңүрт жашыл түстө. Жакшы сайкалданат. Запасы 100 *м*³. Кооз буюмдарды жасоого болот.

КАРАБА́Х ЖАҢЖАЛЫ (1988) – Азербайжан м-н Арменияның ортосундагы куралдуу чатак. Азербайжандын курамына кирген Тоолуу Карабах АОнун калкынын көбүн армян улуту түзгөндүктөн, Арменияга биригүү үчүн алардын массалык кыймылы башталган. 1988-ж. 20-февралда обл. кеңештин сессиясынын кабыл алган чечиминен соң, 17-мартта Степанакертте Арменияга биригүү ж-дө армян элинин массалык демонстрациясы (75000 адам катышкан) болгон. 1988-ж. 15-июнда Арменияның курамына Тоолуу Карабахты кошуу ж-дө Армян ССР Жогорку Советинин сессиясынын чечимин үч күндөн кийин Азербайжан ССР Жогорку Совети жараксыз деп тапкан. Ал чечимге каршы чыккан Тоолуу Карабах обл. совети 12-июлда облусту Азербайжандын курамынан чыгаруу ж-а Арменияга бириктирүү ж-дө жарыя кылган. 18-июлда СССР Жогорку Советинин Президиуму бул чечимди жокко чыгарган. Мындай тирешүүлөр Тоолуу Карабахтын ар кайсы райондорунда армян ж-а азербайжан улуттарынын ортосунда кандуу кагылышууларга алып келген. Азербайжан м-н Армения Тоолуу Карабах Респ-нын статусун чечүү б-ча иш жүргүзүүдө.

КАРАБА́Х ХАНДЫГЫ – Азербайжандагы Аракс ж-а Кура д-нын аралыгында жайгашкан 18–19-к-дагы феодалдык мамлекет. Панах Алихан (1740–59) 1747-ж. негиздеген. Ал Гянжин, Ереван, Нахичевань ж-а Ардебиль хандыктарына өз таасирин тийгизген. К. х-нын калкы негизинен дыйканчылык, малчылык ж-а багбанчылык м-н кесиптенип, килем, булгаары буюмдары м-н атагы чыккан. К. х-н Иран же Түркиянын басып алуу коркунучунан улам Ибрагим Халилхан (1759–1806) коргоп калуу өтүнүчү м-н 1783- ж-а 1797–99-ж. Россияга кайрылып, К. х. 1805-ж. Россиянын карамагына өткөн. 1822-ж. хандык башкаруу жоюлуп, орус аскер администрациясы м-н алмашылган.

КАРА БАШ ЧӨП (Poterium) – роза гүлдүүлөр тукумундагы көп жылдык өсүмдүк. КМШ өлкөлөрүндө 3, Кырг-нда 1 түрү (P. sanguisorba L.) бар. Бийикт. 60 *см*ге чейин. Шалбаада, жол, суу, арык, көлмө бойлорунда көп кездешет. Жалбырагы канат сымал, тегерек, жээги майда тилкелүү. Негизинен жайыт чөбү. Эрте жазда тез өсүп, май–июлда гүлдөйт. Тоют үчүн уругу (10%) башка өсүмдүк уруктары м-н бирге себилет. Жашыл массасында бардык кургак заттарга карата алганда 16,6% протеин, 8,0% күл, 4,0% май, 23,7% клетчатка болот. Жалбырагында 261 *мг*% С[illegible]тамини бар. Кой, уй, жылкы жакшы жейт.

КАРА БЕДЕ (Medicago Tianshanica) – өсүмдүктөрдүн чанактуулар тукумундагы көп жылдык чөп. Тамыры жоон, эң терең кетет. Сабагы 40–80 *см* ге жетет, жыш жалбырактуу. Топ гүлү чачы, 10–25 гүлдү камтыйт. Чөйчөкчөсү түктүү, желекчесинин түсү көк, кызгылт көк, саргыч, ак, жашыл сымак ж. б., мөмөсү – чыйралган чанак. Уругу сары. Июлда, августта гүлдөйт, август, сентябрда мөмө байлайт. Борб. Азияда, Казакстанда, Кырг-нда Талас, Чаткал, Фергана, Алайда кеңири таралган. Батыш Тянь-Шандын кара топурактуу, күрөң топурактуу суу жээктеринде, субальп алкагындагы токой-чер арасында өсөт. Анын дагы бир түрчөсү Жалал-Абад облнун Кара-Алма аймагынан табылган. К. б. баалуу тоют. Сабагы бийик, жалбырагы жыш, топурак тандабай өсөт, аязга, кургакка чыдамдуу.

КАРА-БЕЙИТ КӨРҮСТӨНҮ – 6–8-к-да жашаган түрк урууларына таандык мүрзөлөр. Алай р-нундагы Сары-Таш айылынын чыгыш тарабында жайгашып, 100дөй дөбө-мүрзөлөрдөн турат. Адамдардын сөөгү топурак көрлөргө коюлуп, таш такталар м-н жабылып, баш жагына төрт кырлуу таш түркүк орнотулган. Анда бир нече рун тамгасына окшош белгилер чегилген. 1961-ж. Ю. Д. Баруздин бир нече мүрзө-дөбөнү казып, изилдеген.

КАРАБЕКОВ Кадырбек Чолпонбаевич (5. 9. 1942-ж. т., Ош обл., Кара-Кулжа р-ну, Ак-Кыя айылы) – философия илимд. доктору (1991), проф. (1992). 1965-ж. КМУну бүткөн. 1965–66-ж. Хайдаркен жатак-мектебинде мугалим, 1966–67-ж. ОМПИде окутуучу, 1970–74-ж. улук окутуучу, 1974–91-ж. Анжиян мед. ин-тунда улук окутуучу, доцент, 1991–93-ж. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тунда,1993–2003-ж. Жалал-Абад коммерциялык ин-тунда, кафедра башчысы, 2003–04-ж. ОМПИде профессор, 2004–07-ж. КМЮАнын Ош филиалында, 2007-жылдан Россия мамл. социалдык ун-тинин Ош филиалында профессор. 30дан ашуун ил. эмгектин (а. и. 3 монография) автору.

Эмг.: Принцип обусловленности, его основные компоненты и функции. Таш., 1988; Категории непосредственного и опосредственного. Жалал-Абад, 1997.

КАРАБЕКОВА Жамиля Үсөнгазиевна (4. 12. 1951-ж. т., Ысык-Көл р-ну, Бостери айылы) – биология илимд. доктору (2010). В. В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тун бүтүргөн (1973). 1973-жылдан КР УИАнын Биология жана топурак таануу ин-тунда ага лаборант, кенже ил. кызматкер, ил. кызматкер, ага ил. кызматкер, 2003-жылдан Омурткасыз жаныбарлардын зоологиясы лабор-сын жетектейт. Кыргыз-Түрк Манас ун-тинин доценти (2010). 1979–80-ж. СССР ИАнын Ленинграддагы Зоология ин-тунда, 1983–85-ж. СССР ИАнын Москвадагы Гельминтология ин-тунда балыктардын мителери б-ча ил. из. жүргүзгөн. Кырг-н ж-а О. Азиянын жаныбарлар дүйнөсүн изилдөөдө белгилүү салым кошкон. Моногенеялар классы б-ча О. Азиядагы жалгыз адис. «Кыргызстандын генетикалык фондунун кадастрынын» ж-а «Биология энцклопедиясынын» түзүүчүсү жана жооптуу катчысы. 50дөн ашык ил. иштери, а. и. 2 монографиясы жарык көргөн.

Эмг: Моногенеи рыб Казакстана и Средней Азии. А.-А., 2001; Моногенеи естественных водоемов Средней Азии. Б., 2009.

КАРА-БИЙ СУРЬМА́ КЕНЧЕСИ Баткен обл-нун Кадамжай р-нунда, Кара-Бий кырка тоосунун түн. капталында, Кара-Жантак кыш-нан 7 *км* түштүктө, дениз деңг. 1200–1500 *м* бийикте. 1961–92-ж. мезгил-мезгили м-н кен издөө иштери жүргүзүлгөн. Кен аймагы силур ж-а карбон мезгилдеринин карбонат-терриген комплекстеринен түзүлгөн. Кен гидротерм таасирине дуушарланып, брекчияланган ж-а кендик багытта созулуп жаткан роговик-жаспероид зонасына топтолгон. Негизги минералдары: антимонит, валентинит. Сурьманын орт. өлчөмү 2,38%. Кенташтын болжолдуу ресурсу 29,9 миң *т*; сурьманыкы – 711 *т*.

КАРА́-БОГА́З-ГОЛ (түркчө *богаз* – алкым, өткөөл, *гол* – көл) – Каспий деңизинин чыгыш жээгиндеги булуң-лагуна. Түркмөнстандын батыш бөлүгүндө. Каспий деңизи м-н уз. 9 *км*, тереңдиги 3–4 *м* болгон кууш (800 *м*ге чейин) Кара-Богаз кысыгы аркылуу туташат. 1930-жылдан Каспий деңизинин деңгээли төмөндөй баштагандыктан, булуң акырындап соолуй баштаган. 1970-жылдардын аягында булуңга куйган суунун көлөмү 5–7 *км*³ге чейин азайган, деңгээли –32 *м*ге төмөндөгөн (аянты 12 миң *км*², суусунун көлөмү 20–22 *км*³), туздуулугу 300‰ден ашып кеткен. 1980-ж. Каспийдин деңгээлин сактоо максатында кысык дамба м-н тосулуп, булуңга суу кирбей калган. Натыйжада булуң тайыздап, соолуп, туздуулугу 380‰ден ашып, таманындагы мирабилит сапырылып учуп, аймактын экологиясын буза баштаган. 1983-жылдын аягында аянты 0,2 *км*²ге, көлөмү 0,2 *км*³ге азайып, тереңдиги 0,1–0,3 *м*ге чейин тайыздаган. 1992-ж. булуңду калыбына келтирүү максатында тосмо толук алынып салынган; 1993–95-ж. Кас-

пийден келген суунун көлөмү 37–52 *км*³ди түзгөн. 21-к-дын башталышында суунун деңгээли 27,5 *м*, аянты 18 миң *км*² болду. Булуңдун суусу көп буулангандыктан, анын аянты сезон б-ча кескин өзгөрүп турат. Булуңдун айланасынын бөтөнчө табигый ландшафты ж-а анын экол. абалы акырындап калыбына келүүдө. К.-Б.-Г-дун туз катмарларынан мирабилит казылып алынат. Булуң жээгиндеги Бекдаш шаарчасы сульфат өндүрүү ж-а иштеп чыгаруу борбору.

Ад.: *Косарев А. Н., Костяной А. Г.* Феномен Кара-Богаз-Гола // Земля и Вселенная. 2005. № 1.

О. Бараталиев.

КАРА БООРЛОР (pterocletes) – куштардын көгүчкөн сымалдар түркүмчөсү. Уз. 22–40 *см*, салмагы 200–600 *г*. Денеси жумуру, канаттары тез учууга ылайыкташып, узун, ичке, учтуу,



1 2

Кара боорлор: 1 – ак төш кара боор; 2 – чыгыш кара боору.

жүнү жыш, саргыч күрөң, чаар. Буттары кыска, арткы манжасы редукцияланган же такыр жок. Кээ бир түрүнүн манжалары биригип өскөн. Кургак талаада ж-а чөлдө жашайт, суу ичүү үчүн алыска учат. Балапандарына сууну жемсөөсүндө ж-а сууланган жүнү м-н алып келет. К. б-дун 1 тукуму, 2 уруусунун 16 түрү бар. Келгин куштар. КМШ өлкөлөрүндө 2 түрү – ак боор (P. alchata) ж-а кара боор (P. orichtalis) Борб. Азияда кездешет. Кырг-нда Ысык-Көлдүн батышында, Нарын, Талас өрөөнүндө таралган. Жерге уялап, 2–3 жумуртка тууйт. Жумурткасын эркек, ургаачысы басып чыгарышат. Балапаны жумурткадан калың тыбыт м-н капталып чыгат. Урук, жемиш, бүчүр ж-а курт-кумурска м-н азыктанат.

КАРАБОТО БИЙ – *кытай* уруусунун18-к-дагы бийи. *Кытай жазма даректери* б-ча *Маматкул бийдин* жардамчысы ж-а кыргыздарды 18-к-дын 2-жарымында Кетмен-Төбөдөн Талас, Чүй өрөөнүнө көчүрүүгө (к. *Кыргыздардын Чүйгө келиши*) демилге көтөргөндөрдүн бири. 1758-ж. Таласка көчүп келген кытай уруусун бийлеп, 1200 түтүнү м-н Ак-Дөбөдө турган. Орус архив маалыматтары б-ча 1764-ж. кышында Түркстан аймагындагы К. б-дин айылына Орто жүз казактарынын султаны Абылпейиз кол салса, 1766-ж. Абылай султан колунан катуу жабыр көрүп, бир баласын ж-а 9 (7) түтүндү казактарга аманат берүүгө аргасыз болгон. Санжыраларда Маматкул бий м-н *бугулардын* (Тогузбайдын) айылын айыпка жыгып, олжого бир кыз алганы ж-а андан Асан, Үсөн аттуу эгиз балалуу болгону ж-дө баяндар бар.

Ад.: Казахско-русские отношение в XVI–XVIII веков (Сб. документов и материалов). А., 1961; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 2. Б., 2003.

КАРАБУК, И й р и - С у у – Нарын д-нын сол куймасы. Ак-Талаа р-нунун аймагы м-н агат. Уз. 55 *км*, алабынын аянты 413 *км*². Ойнок-Жар тоосунун түн. капталынан Жин-Булак деген ат м-н башталып, капчыгайлуу өрөөн м-н түн.-чыгышты карай агат. Ийри суу м-н кошулгандан кийин Байбиче тоосун кийип өтүп, Нарынга сол жактан куят. Эң көп чыгымы июнь–июлда, азы ноябрь–декабрда бөлкалат. Негизинен кар ж-а булак сууларынан туралат. Ири куймасы – Сары-Коо. Жылдык орт. чыгымы 0,7–1,3 *м*³/*сек*. Өрөөнүндө Жаңы-Тилек кыш. жайгашкан. Сугатка пайдаланылат.

КАРА-БУЛАК – Баткен обл-нун Лейлек р-нундагы кыштак. Тогуз-Булак айыл округуна караштуу. Исфана – Ош автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1595 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Исфана ш-нан 12 *км* түн. тарапта. Пролетарск т. ж. бекетинен (Тажикстан) 63 *км*. Калкы 1997 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП ж. б. бар. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры Р. *Жолбаев* туулган.

КАРА-БУЛАК – Баткен р-нундагы кыштак. Кара-Булак айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1200 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Баткен ш-нан 20 *км* түш. тарапта. Исфара т. ж. бекетинен (Тажикстан) 42 *км*. Калкы 2862 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КАРА-БУЛАК – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нундагы кыштак. Кыз-Көл айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1330 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 65 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 57 *км*. Калкы 1240 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Негизги мектеп, китепкана ж-а ФАП бар.

КАРА-БУЛАК – Ош обл-нун Ноокен р-нундагы кыштак. Ноокен айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 920 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Масы кыш-нан 7 *км* батыш тарапта. Тентек-Сай т. ж. бекетинен 25 *км*. Калкы 1291 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана ж-а ФАП бар.

КАРА-БУЛАК – Чүй обл-нун Кемин р-нундагы кыштак. Кара-Булак айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1172 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кемин шаарчасынан 15 *км* түн.-чыгыш тарапта. Кыштак 1919-ж. негизделген. Калкы 2777 (2007); негизинен дыйканчылыкта эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, мончо бар.

КАРА-БУЛАК АГА́Т КЕНИ Баткен обл-нун Лейлек р-нунда, Кара-Булак кыш-нан 4 *км* аралыкта жайгашкан. 1992-ж. геол. карта түзүүдө табылган. Жанартоо тектеринин кесек бөлүкчөлөрү кальцит минералы м-н цементтелген. Халцедон линза түрүндөгү туура эмес түспөлдөгү көңдөйчөлөрдү толтуруп, көлөмү 3×5 *см*ден 5×10 *см*ге жетет. Анын жалпы санынын 3–5% ин агат ядросу түзүп. Агат кооз буюмдарды жасоого жарамдуу. Эрмасы эсептелген эмес.

КАРА-БУЛАК ЖӨРҮСТӨНҮ – б. з. 2–4-к-на таандык дөбө-көрзөлөр. Баткен обл-нун Баткен р-нундагы Кара-Булак айылынан 2 *км* түштүктө, Түркстан тоо кыркаларынын этегинде жайгашып, 900дөн ашык мүрзөдөн ж-а таш корумчалардан турат. Алар – казанактуу жарма ж-а төрт бурчтуу жөнөкөй көрлөр. Көрүстөндөрдүн



Индиялык бийчи аялдын сөлөкөтүндөгү коло күзгүнүн сабы.

жалпы аянты 1500×150–250 *м*. Мүрзөлөрдүн диаметри 6–25 *м*, бийикт. 0,30–1,7 *м*. Жарма көрлөргө көмүлгөн адамдардын сөөгү чалкасынан же оң жак капталына жаткырылган абалда, баштары түштүккө багытталып, саман же арча бүчүрлөрү төшөлүп, табытка салынып коюлган. Адамдын денеси катырылып коюлган мүрзөлөр да кездешет. Мүрзөлөрдөн жибек кездемелер, чопо ж-а жыгач идиштер, темир бычак, жаңгак, койдун сөөктөрү салынган себеттер, өтургучтар ж. б. буюмдар көп табылган. Эркектер көмүлгөн мүрзөлөрдөн канжар, жаа, жебенин учтары, ал эми аялдар коюлган көрлөрдө азем буюмдар (а. и. индиялык бийчи аялдын сөлөкөтүндөгү салынган коло күзгүнүн сабы), ийиктин башы, себеттер көбүрөөк кездешкен. 1954–59-ж. археолог Ю. Д. Баруздин 140тай, 1976-ж. археолог В. П. Мокрынин 20дан ашуун мүрзөнү казып, изилдеген.

КАРА-БУЛАК МАДАНИЯТ ЭСТЕЛИКТЕРИ – о. кылымга таандык шаар калдыгы. Лейлек р-нунун борбору Исфананын түш.-чыгыш тарабында, Кара-Булак кыш-нын аймагында жайгашкан. 1964-ж. Кара-Булак кыш-нын түш.-батышындагы чакан капканы казууда 6–8-к-да калк жашагандыгы аныкталды. Кыштактын борборунан казылган сүйрү формадагы чоң дөбө 11–12-к-га таандык. Ал бир нече жолу бузулуп, кайра топурактан согулуп тургузулган, бийик цоколдун урандыларынан турат. Дөбө түндүктөн түштүктү карай 100 *м*ге созулуп жатат. Туурасы 60 *м*. Түш. бөлүгүндө дөбө чоң дубалга барып такалат. Турак жайлары ж-а кампа-сарайлары чарчы формада. Адамдар жашаган бөлмөлөрдө ар кандай супалар, очоктор, чарба жайларында эгин сакталуучу кампалары болгон. Караханиддер мамлекетинин өкүмдарларынын атынан чыгарылган (негизинен Өзгөндө) коло тыйындар, колдо ж-а станокто жасалган карапа буюмдар, идиштер, май бышкычтар, металл буюмдар (темир бычак, орок, жебенин учу, канжар, тиричилик буюмдары) табылган. Айнектердин ж-а айнек буюмдардын табылышы бул жерде айнек чыгаруунун өнүккөндүгүн айгинелейт. Дөбөдөн 400 *м* түш. тарапта карапа жасалуучу керкана, анын жанынан металл иштетүүчү керкананын калдыктары табылган. Эки жерде дөбөнү карай куурлар төшөлгөн. Бул шаар суу м-н камсыз кылынгандыгын айгинелейт. Рельефтин ыңгайлуулугуна байланыштуу, шаардын чыңдоолору болгон эмес. Шаардан 4 *км* түш.-батыш тарапта гана дубал тургузулган. Азыр шаар калдыгынын аймагын бүт жаңы курулуштар эзлейт. Курулуш иштеринин учурунда табылган материалдарга ж-а жазма даректерге караганда шаар 5 *га* аянтты эзлеп, Асбаникат ш. деп божомолдонот. 1958–65-ж. Г. А. Брыкина казып, изилдеген.

КАРА-БУЛУҢ – Нарын обл-нун Ат-Башы р-нундагы кыштак. Кара-Коюн айыл округуна караштуу. Бишкек – Торугарт автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 2240 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ат-Башы кыш-нан 35 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 258 *км*. Кыштак 1926-ж. негизделген. Калкы 1508 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП, бала бакча бар.

КАРА-БУЛУҢ – Ысык-Көлдүн түш.-чыгышындагы эң ири булуң. Жети-Өгүз р-нунун аймагында. Аянты 16,55 *км*², уз. 6,0 *км*ден ашык, жазылыгы оозунда 5 *км*, эң терең жери 70 *м*. «Ысык-Көл» санаторийинин жанындагы эң тайыз жери суунун тартылуусунан төртүнчүлүк мезгилдин төмөнкү бөлүгүндө пайда болгон. Булуңдун кум, тунма чөгүндүлөр төшөлгөн таманы батышты көздөй эңкейиш. К.-Б-га Жууку суусу куюп, анын суу алдындагы уландысы (нугу) булуңдун орто ченинде Чоң ж-а Кичи Кызыл-Суунун нуктары м-н кошулуп, 120 *м* терендиктен бүтөт. Жээктери аккумуляциялык тектир, көлгө кирип турган жерлеринде (тумшук, урчуктар) майда булуң, колтуктар көп; түш.-чыгыш бөлүгүндө абразиялык жемирилген

жээктер да кездешет. Түш.-чыгыш капшытында чакан кеме токтоо үчүн өтө ыңгайлуу *Кызыл-Суу колтугу* жайгашкан. Жууку суусу жылына булуңга 27 миң *т* дан 95 млн *т* га чейин шиленди агызып келет. Агын суулар көп куйгандыктан, суусу мала туздуу. Бирок, мындай тузу кем суу көлдүн үстүнкү 10 *м*ге чейинки катмарына гана мүнөздүү. Суу жай айларында 20–22°Сге чейин жылыйт; кышкысын тоңбойт. Жылуу суу, кумдуу жээк, чаңкайып тийген ысык күн булуңдун кылаасында эс алууга өтө ыңгайлуу шарт түзөт. «Ысык-Көл» санаторийи, пристань ж. б. бар. Көл суусунун такай тартылышы, жээктердин өзгөрүшү булуңду пайдаланууда кыйынчылык туудурууда. Экол. абалы начарлоодо.

КАРА-БУЛУҢ АРАШАН СУУСУ – Ысык-Көл обл-нын Жети-Өгүз р-нунда, Кызыл-Суу кыш-нан 15 *км* түн.-батышта, Кара-Булуң ж. а-нда жайгашкан. 1975–81-ж. чалгындалып, запасы бекитилген. Ысык суу неоген мезгилинин Чүй свитасындагы катмарлар м-н байланыштуу. Бургулоо көзөнөгү аркылуу 1770–1960 *м* тереңдиктен агып чыгат. Суунун жер үстүнөн болгон статикалык деңгээли 12–30 *м* бийикке жетет. Бургулоо көзөнөктөрүнүн дебити 5–21 *л/сек*, суунун темп-расы 39–50°С. Суу аз минералдашкан (0,4–1,20 *г/л*) ж-а начар жегичтүү (pH 8,1–8,7). Хим. курамы б-ча гидрокарбонат-хлорлуу, хлоргидрокарбонаттуу, хлорлуу, натрийлүү. Сууга түшүү жолу м-н ооруларды дарылоого жарамдуу. Запасы А категориясы б-ча 3154 $м^3/сут$.

КАРА-БУЛУҢ ЖАРЫМ АРАЛЫ Ысык-Көлдүн түш.-чыгышында. Жети-Өгүз р-нунун аймагында. Батышындагы Кара-Булуң тумшугунан чыгышындагы Чоң Оргочор тоосуна чейин 12 *км*ден ашык аралыкка созулат. Туурасы 1,5–9 *км*. Абс. бийикт. 1606–1750 *м*. Төмөнкү төртүнчүлүк мезгилде пайда болгон тектирлерден турган тайпак түздүк; бети чыбыр, күдүрлүү (кумдуу жалдар, дөбө, чуңкур жерлер ж. б.). Эң бийик жери Кичи Оргочор тоосу (1751 *м*), андан түштүктү, түш.-батышты көздөй эңкейиштеп кетет. Төртүнчүлүк мезгилде пайда болуу мезгили б-ча көлдүк-тектирлүү түздүк үч геоморфол. деңгээлге бөлүнөт. Эң бийик жери (биринчи деңгээл) – үстүнкү плейстоцендик тектир; жарым аралдын борб. ж-а чыгыш жагын ээлейт. Бети өтө будурлуу. Көбү айдоо. Экинчи деңгээл – голоцендик тектир, плейстоцендик тектирден 5–10 *м* төмөн жатат; экөөнүн чеги – жарлуу кашат. Көбүнчө байыркы жээктик жал, сайроон, кум шилендилеринен турат. Ортолору тегиз, такыр; негизги өсүмдүктөрү чекенди, шыбак ж. б. Тектирдин көлгө жакын жерлерин чычырканак, камыш баскан. Үчүнчү өтө жапыз деңгээл – азыркы тектир, ж. а-дын жээгинен орун алган; жалаң кумдан турат, бети будур: 1–2 *м* бийиктеги жалча, сайроондор ар кандай ичке, майда булуңбуйткалар (лагуналар), сайроондор (бийикт. 8–10 *м*) м-н тосулган эски (реликт) көлдөр да бар. Тектирлер ачык коңур, түн.-батыш жээктери шалбаа ж-а шалбаалуу саз, айрым жерлери шор топурактуу. Талаа ж-а сейрек бадал өсүмдүктөрү басымдуу. Жарым аралдын жээктери аккумуляциялык кумдан турат, Кара-Булуң тумшугу лагуналуу, мында кумдук такталар да бар. Кумдуу пляждар кеңири аянтты ээлейт. Жээктеринде чычырканак, булуң-буйткалар, камыш өсөт. Көп жерине кара жыгач, жийдеөрүк отургузулган. Экол. абалы начарлоодо.

КАРА БУУДАЙ (Secale) – дан өсүмдүктөр тукумундагы бир ж-а көп жылдык чөп. К. б-дын 13 (жапайы ж-а эгилме) түрү белгилүү. КМШ өлкөлөрүндө 5 түрү кезигет. Кичи ж-а Борб. Азия, Иран, Афганстан, Закавказье ж-а Африканын түштүгүндө өсөт; 1 түрү буудайдын отоо чөбү катары Кавказ, Кичи ж-а Борб. Азияда белгилүү; эгилме 1 түрү Түн. Жарым шардагы өлкөлөрдө өстүрүлөт. К. б-дын мекени – Кавказ, Кичи ж-а Борб. Азия. КМШ өлкөлөрүндө негизинен РФте (70%), Украинада (12%), о. эле Балтика боюндагы респ-каларда, Казакстан, Грузияда эгилет. К. б-дын күздүк ж-а жаздык сорттору бар. Күздүк сорту көп эгилет. Тамыры негизинен топурактын үстүнкү катмарында жайгашкан, айрымдарыныкы 2 *м* тереңдикке чейин жетет. Сабагы көндөй, бийикт. 110–180 *см*, 6–7 муунактуу. Топ гүлү – татаал машак, эки жыныстуу. Даны кабыксыз, түсү көк, боз, кээде күрөң же сары. Күздүк К. б-дын вегетация мезгили 120–150 күнгө созулат. Үрөнү 1–2°С жылуулукта өнүп, 4–5°Сде өсүп чыгат. К. б. суукка ж-а кургакчылыкка байымдуу. Башка эгиндерге караганда топуракты көп тандабайт. Бирок кара топурактуу жерде мол түшүм берет. Данында 18,0% и белок, 69,1% и углевод, 1,8% и май, B_1, B_2, E, PP витаминдери ж-а А провитамини бар. Уну нанга, акшагы ж-а улпагы жем катары пайдаланылат, о. эле спирт ж-а крахмал өндүрүшүнө жумшалат. Наны жыттуу, жегиликтүү, сиңимдүү келет. К. б. көк кезинде сапаттуу тоют катары, саманы кагаз, целлюлоза ж. б. жасоого жумшалат, малга төшөлөт. Жапайы түрү селекция ишинде колдонулат. К. б. м-н буудайды аргындаштырып, сапаттуу тритикале гибриди алынган. Кырг-нда чыгарылган Кыргыз 1 сорту Ош обл-нда, Чүй, Талас өрөөндөрүндө, ал эми буудай-К. б. гибриди – Немига 2 Ысык-Көл өрөөнүндө тоют катары айдалат.

Ад.: *Тиунов А. Н. и др.* Рожь. М., 1972; Справочник по апробации и основам семеноводства зерновых и зернобобовых культур. Ф., 1986.

КАРА-БУУРА – Талас д-нын сол куймасы. Кара-Буура, Бакай-Ата р-ндорунун аймагы м-н агат. Уз. 64 *км*, алабынын аянты 797 $км^2$. Талас Ала-Тоосунун батыш бөлүгүнүн түн. капталынан башталат. Алабынын деңиз деңг. орт. бийикт. 2570 *м*, анда жалпы аянты 8 $км^2$дей болгон майда мөңгүлөр жайгашкан. Жалпы уз. 470 *км* келген 193 куймасы бар; ирилери: Тайты, Шилбили-Сай. Куймалар өзүнчө тармакталган суулардын катарына кирет: Тайтынын жалпы уз. 27 *км* келген 21 куймасы, Шилбили-Сайдын 113 *км* келген 32 куймасы бар; Кууганды – 10 *км*, Кайыңды – 14 *км*, Сагызганды – 12 *км*, Кой-Булак – 13 *км*. Чатынан 15 *км* жогору К.-Б-га оң тараптан суу өткөрүү жөндөмдүүлүгү 4,0 $м^3/сек$ болгон Сайбай каналы кошулат. Май – октябрдан ирип, ноябрь – апрелде тартылат. Суусу молдоолдун орт. чыгымы 11 $м^3/сек$, суусу тартышы февраль – апрелде 1,20 $м^3/сек$. Эң көп чыгымы [illegible] $м^3/сек$га жетет. Сугатка пайдаланылат. К.-Б-ден суу өткөрүү жөндөмдүүлүгү 5,95 $м^3/сек$ келген 8 сугат каналы чыгарылган. Өрөөнүндө Кызыл-Адыр, Чоң Кара-Буура кыш. жайгашкан.

КАРА-БУУРА, М о л о т о в – Талас обл-нун Кара-Буура р-нундагы кыштак. Бейшеке айыл округуна караштуу. Кара-Буура тоосунун этегинде, Кара-Буура суусунун боюнда, деңиз деңг. 2000 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кызыл-Адыр кыш-нан 6 *км*. Жамбыл т. ж. бекетинен 65 *км*. Кыштак 1930-ж. негизделген. Калкы 1201 (2007); негизинен мал чарбасы м-н алектенип, дыйканчылыкта эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, ФАП бар.

КАРА-БУУРА АШУУСУ Талас Ала-Тоосунда, Кара-Буура (Таластын сол куймасы) ж-а Кара-Кысмак (Чаткалдын оң куймасы) сууларынын башынан орун алган. Бийикт. 3305 *м*. Тоо кырларынын ашуудан салыштырмалуу бийикт.



Ашуудагы серпантин.

500–600 *м*. Түндүгү чополуу тик бет; түштүгү куюлма шагыл, кумдуу. Ашуу соңку протерозойдун филлит, кумдук, алевролит тектеринен туруп, мойногу чополуу ж-а корумдуу келет. Ал аркылуу өткөн автомобиль жолу Талас ж-а Чаткал өрөөндөрүн байланыштырат. Жол июнь айында ачылып, сентябрь – октябрь айларында кайра жабылат.

КАРА-БУУРА КОРУКЧАСЫ – Кара-Буура р-нундагы мамл. аңчылык корукчасы (заказниги). Талас Ала-Тоосунун түн. капталында, Аташ-Чапкан, Кашка-Суу, Тандыр сууларынын алабын ээлейт. Аянты 15,0 миң *га*. Азайып бараткан элик, тоо эчки, суур ж-а Кырг-ндын Кызыл китебине кирген аркар-кулжаны коргоо ж-а көбөйтүү максатында 1976-ж. уюшулган.

КАРА-БУУРА ӨРӨӨНҮ Талас Ала-Тоосунун түн. капталында, Кара-Буура р-нунун аймагында, Кара-Сай ойдуңу жайгашкан бийик тоо өрөөнү. Уз. 60 *км*, эң жазы жери 2–3 *км*, кууш жери 0,5–1 *км*. Таманынын ооз тарабы 1400 *м*, төрү 3000 *м* бийикте жайгашкан. Таманы Шилбили суусунун чатына чейин төртүнчүлүк мезгилдин борпоң тектерине толгон. Гранит, гранит-диорит интрузия тектеринен турган бийик бөлүгү терең тилмеленген. Кургак талаа ж-а талаа, сейрек арча-бадалдуу шалбаалуу талаа ландшафты басымдуу. Капчыгай аркылуу Талас ж-а Чаткал өрөөндөрүн байланыштырган автомобиль жолу өтөт.

КАРА-БУУРА РАЙОНУ – Талас обл-ндагы адм. бирдик. Район 1930-ж. уюшулган. Түндүгүнөн ж-а батышынан Казакстан Респ., чыгышынан Бакай-Ата, түштүгүнөн Чаткал р-ндору, түш.-батышынан бир аз жери Өзбекстан м-н чектешет. Аянты 2,95 миң $км^2$. Калкы 58,1 миң (2009). Райондо 8 айыл өкмөтү, 22 кыштак, Маймак шаарчасы бар. Борбору – Кызыл-Адыр айылы.

Район Талас өрөөнүнүн батыш бөлүгүнөн орун алган. Түн. бөлүгүндө Кыргыз Ала-Тоосунун батыш тармагынын уландысы Эчкили-Тоо, Ак-Таш, Кызыл-Адыр тоолору, түштүгүндө *Талас Ала-Тоосу* (эң бийик жери Манас-Ата чокусу, 4482 *м*) жатат. Курулуш материалдарынын кени бар. Климаты континенттик, июлдун орт. темп-расы 22°С, январдыкы –6,1°С. Жылдык жаан-чачыны 300–500 *мм*. Ири суулары: Талас, Кара-Буура, Күркүрөө. Райондун чегинде Кара-Буура (Киров) суу сактагычы курулган (көлөмү 550 млн $м^3$). Өрөөн бөлүгү жарым чөл зонасында жаткандыктан, топурагы боз, тоо бөлүгүндө күрөң боз, коңур топурак басымдуу. Негизинен талаа ж-а шалбаа өсүмдүктөрү өсөт.

Калкынын көбү кыргыздар, андан башка орус, өзбек, казак, түрк, күрд, татар ж. б. улуттар жашайт. Орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 20,1 киши туура келет. Райондо мал чарбасы (айрыкча кой) ж-а дыйканчылык өнүккөн. Айдоо аянты 33,7 миң *га* (анын 23,4 *га*сы кайрак жер), көп жылдык өсүмдүк 0,1 миң *га*, чабынды 0,2 миң *га*, жайыт 203,9 миң *га*. Райондун дыйканчылыгында дан ж-а буурчак, картөшкө, жашылча, кант кызылчасы өстүрүлөт. Эгиндердин бардыгы сугарылат. Сугат үчүн Кара-Буура, Күркүрөө сууларынын мааниси чоң. Май-сыр, нан жасоочу ө. ж. ишканалары, автобаза бар. Райондун аймагынан Бишкек – Тараз – Талас, Кара-Буура – Аманбаев – Маймак, Кара-Буура – Жаңы-Базар – Ала-Бука автомобиль жолдору өтөт.



Шаарча кенеши жана айыл округдары

1. Маймак
2. Аманбаев атн.
3. Ак-Чий
4. Чолпонбай атн.
5. Кара-Буура
6. Кок-Сай
7. Шекер
8. Бакайыр
9. Бакыян
10. Бейшеке

Райондун Жоон-Тобо т. ж. бекетинен айланасындагы 520 *га* жерди ээлеген «Маймак» эркин экон. аймагы (1997) түзүлгөн (к. *Талас облусу*).

Райондо 21 орто, 4 негизги, башталгыч мектеп (жалпы окуучулардын саны – 12501), кесиптик-тех. окуу жайы, балдардын муз. мектеби, 5 музей, 19 клуб, 13 китепкана иштейт.

1992-жылдан «Кара-Буура кабарлары» гезити чыгат. Чымкент айылында Советтер Союзунун Баатыры Ч. *Тулобердиевдин* мемориал музейи уюшулуп, эстелиги тургузулган. 1988-ж. Шекер кыш-нда Кыргыз эл жазуучусу Ч. *Айтматов*дун музейи уюшулган. Райондун аймагында Садыр-Коргон (5–15-к.), Жоон-Дөбө (6–12-к.) ж. б. шаар калдыктары бар. Байыркы кен казылмаларынын, металл эритилген мештердин орундары кезигет. Борборлошкон ж-а 3 айылдык оорукана, борборлошкон ж-а 5 айылдык дарыкана, 4 амбулатория, 16 ФАП, санитария-эпидемиол. станция, бир нече үй-бүлөлүк врачтар тобу ж. б. мекемелер бар.

КАРА-БУУРА ЯШМА КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Ала-Бука р-нунда, Кара-Буура кыш-нан 30 *км* түштүктө, Талас Ала-Тоосунун кырындагы Кара-Буура ашуусунан 2–3 *км* түштүктө. Кен аймагында кембрийге чейинки мезгилде пайда болгон трахит-базальт, порфирит, туф, кумдук ж-а сланец тектери жатат. Пайдалуу катмар яшма сымал кремнийлүү тоо тектен түзүлүп, чыгышка созулат. Калыңдыгы 50–100 *м*, уз. 1 *км*ге жетет. Яшма кара, кара-күрөң түстө, ык, бир аз жаракалуу. Блоктуулугу 30×30×30 *см*ге жетет. Запасы мол. Кооз буюмдарды жасоого болот.

КАРА БҮЛДҮРКӨН, е ж е в и к а (Rubus caesius) – атыр гүлдүүлөр тукумундагы бадалча. Сабагынын бийикт. 1 *м*дей, майда тикендүү, жалбырагы үч ача, эки жагы бирдей жашыл, түктүү, жалбырак сапт майда тилкелүү. Гүлдөрү ак, мала кызыл. саптары тикендүү. Чөйчөкчөлөрү жашыл түктүү, мөмөсүнө жармашат. Мөмөсү – топтошкон семиш, кара, кочкул кызыл түстө. 400дөн ашык түрү бар. Көбүнчө Европада, Түн. Америкада өсөт. КМШ өлкөлөрүндө 90 түрү, Кырг-нда жайлайы 1 түрү – суу жээгиндеги токойлордо таралган. Дары-дармек катары, о. эле жемиши, жалбырагы, түбү пайдаланылат.

КАРА-БУРГӨН, Ө з г ө р ү ш – Нарын обл-нун Ак-Талаа р-нундагы кыштак. Кара-Бургөн айыл округуна караштуу. Жаман-Дөбө суусунун боюнда, дениз денг. 1865 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Баетов кыш-нан 28 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 328 *км*. Кыштак 1929-ж. негизделген. Калкы 2244 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП, мончо бар. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры К. *Жузмамбетов* туулган.

КАРАВЕ́ЛЛА (итал. caravella) – бир палубалуу, бийик борттуу, мандайкы ж-а арткы болүгүндө курулмалары бар парустуу дениз *кемеси*. 13–17-к-да Жер ортолук денизиндеги өлкөлөрдө (Италия, Испания ж-а Португалия) соода жүргүзүү



Х. Колумбдун «Санта-Мария» каравелласы.

үчүн кеңири колдонулган. К. 3–4 мачталуу ж-а эки алдынкы мачталары түз парустуу, ал эми арткы (бизань) мачтасы латын парусунан турат. Латын парусунун түз парустан айырмасы – мачтага тик эмес, кеменин огуна жарыш жайгашкан. Мындай кеме м-н 1442-ж. Христофор

Колумб Атлантика океаны аркылуу сүзүп өткөн, 1498-ж. Васко да Гамма Европадан Индияга саякат жасаган. Ал эми Фердинандо Магеллан 1922-ж. Жерди айланып чыккан.

КАРАВШИН, К е р а в ш и н (согд, ягноб тилдеринде гар – тоо; аб/ав – суу; шин – молдуулукту билдирген мүчө; тоо суусу маанисинде) – Баткен р-нундагы суу, Исфара суусунун сол куймасы. Уз. 46 *км*, алабынын аянты 895 *км*², дениз денг. орт. бийикт. 3600 *м*. Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы мөңгүдөн башталып, токойлуу капчыгай аркылуу агат. Киндик суусу (оң куймасы) кошулгандан кийин өрөөнү жайылып, жай агат. Ири куймалары: Киндик (оң), Орточашма (сол). Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан турат. Жылдык орт. чыгымы 5–7 *м*³/*сек*, көбү июнь–июлда, эң азы февраль–мартта болот. Сугатка пайдаланылат.

КАРАГАЙ (Picea) – мырза карагай тукумундагы осүмдүктөр уруусу. Баалуу токой түзүүчү дайыма жашыл, кооз дарак. Сонгогу тик, конус сымал, шагы калың, тамыры жерге терең кетпейт. Ийне сымал жалбырагы 4 кырлуу, коодо



Карагай: 1 – жалпы көрүнүшү; 2 – аталык тобурчактуу бутагы; 3 – энелик тобурчагы; 4 – уругу.

жалпак, 7–9 ж-га чейин түшпойт. Аталык тобурчагы жалгыздан, кызыл же сары, чаңчасы 2ден аба баштыкчалуу. Энелик тобурчагы катуу, уругу канатчалуу. Колокого, суукка чыдамдуу. Конур күздөгү, эрте жаздагы суук, кургакчылыктан, түтүн ж-а ыштан жабыркайт. К. 300, 500 жыл өсөт. Европа, Азия ж-а Түн. Америкада 40ка жакын түрү белгилүү. КМШ өлкөлөрүндө 9 түрү кездешет. Кырг-ндын дениз денг. 2000–2750 *м* бийиктиктеги тоолорунда 3 түрү (Тянь-Шань К-ы, Роберт К-ы ж-а Шренк К-ы) өсөт. Жыгачы ак, женил ж-а жумшак. Андан чайыр, канифоль, скипидар, жыгач уксусу, спирт, өндөгүч заттар алынат. Алар башка өсүмдүктөр м-н бирге абадан көмүр кычкыл газын сиңирип, орг. заттарды пайда кылып, абадагы кычкылтекти көбөйтөт. Тамыры кыртышты эрозиядан ж-а андагы нымдуулукту сактайт. К. өзгөчө заттарды (фитонциддерди) болуп чыгарат. Курулушта, целлюлоза-кагаз өндүрүүдө, муз. аспаптарды жасоодо пайдаланылат. Токой тилкелерине, парк м-н жол боюна кооз өсүмдүк катары отургузулат.

КАРАГАЙ-БУЛАК АКИТАШ КЕНИ Чүй обл-нун Кемин р-нунда, Жел-Аргы акиташ з-дунан 40 *км* түн. тарапта, Кастек тоосунун түш. капталындагы Карагай-Булак суусунун боюнда, дениз денг. 2600 *м* бийикте жайгашкан. Кен 1959–63-ж. геол. карта түзүүдө ачылган. 1964-ж. Түн. Кыргыз геол. экспедициясы чалгындап, запасын аныктаган. Кен аймагында палеозой заманынын алгачкы мезгилиндеги акиташ, аргиллит, сланец, граувак кумдуктары ж-а конгломерат жатат. Кен синклиналдык түзүлүштө, тектон. майда жарак алар м-н тилмеленген акиташ тегинен турат. Катмардын калыңдыгы 325 *м*, уз. 2,7 *км*. Технол. сапаты б-ча цемент даярдоого жарактуу ж-а 1-сорттогу аки алса болот. Баланстык запасы 11748 миң *т* (1975). Кен азырынча казылбайт.

КАРАГАНДЫ – Казакстандагы шаар (1934-жылдан). Караганды обл-нун адм. борбору. *Казак Сары-Аркасынын* борб. бөлүгүндө жайгашкан. Калкы 429,2 миң (2008); калкынын саны ж-а чондугу б-ча 4-шаар (Алматы, Астана, Чымкенттен кийин). Жол тоому. Т. ж. бекети. Эл аралык аэропорту бар. Шаар 19-к-да Караганды көмүр бассейнинин ачылышына байланыштуу анын борборунда шахтёрлор отурукташкан жер катары негизделген. 1931-ж. шаарча статусун алган. 1934-жылдан шаар, 1936-жылдан облус борбору. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде СССРдеги көмүр казып алуунун ири борборуна айланган. 1930–50-жылдарда түзотүү-эмгек лагери болгон. Ө. ж-нын башкы тармагы – көмүр казып алуу (негизинен кокталуучу көмүр). К-да «Караганда көмүр» бирикмесинин штаб-квартирасы жайгашкан. Тоо-шахта жабдуулар өндүрүшү, машина куруу, электр-тех., женил ж-а тамак-аш, полигр. о. ж. ишканалары, муз. аспаптар өндүрүшү ж-а ГРЭС иштейт. Казакстан ИАнын болүмү (бир нече ИИИни камтыйт), 15 ЖОЖ (а. и. мамл. ун-ттер), китепканалар, край таануу музейи, 3 театр (а. и. казак, орус драма), филармония, цирк бар. Ботан. бак уюшулган.

КАРАГАНДЫ КӨМҮР БАССЕЙНИ Казакстандагы Сары-Арка деңсөөсүнөн орун алган. Аянты 3600 *км*². Көмүр 1884-жылдан баштап казылып алына баштаган. 1930–31-ж. пайдаланылуучу алгачкы чалгындоо шахталары ишке киргизилген. 1941–45-ж. геол. жактан кеңири чалгындалып, 1954-ж. көмүрдүн о. ж-лык маанеси такталган. Бассейн негизинен карбон м-н юра мезгилдериндеги чокмо тектерден турат. Анын үстүнкү болүгүн палеоген м-н неоген мезгилдериндеги түрдүү түстүү чополор, кумдуктар, о. эле антропоген мезгилиндеги борпоң тектер (кумдуу топуraктар, кумдар, кум-шагылдар) жаап

жатат. К. к. б. – герцин бүктөлүү циклинде пайда болгон асимметриялуу синклинорий. Уз. 1200 *км*, туурасы 30–50 *км*ге жетет. Синклинорий ар түрдүү багыттагы тектон. терең жаракалар м-н жарылган. Таш көмүр катмарлары карбон м-н юра мезгилдеринин чөкмөлөрүндө топтолгон.

Карбон мезгилинин көмүрдүү катмарларынын калыңдыгы 4,5 *км*ге жетип, негизинен кумдук, алевролит, аргиллит, кээде акиташ, конгломерат, көмүр катмарлары ж-а туфтардын аралашма катмарларынан турат. Мындагы геологиялык свитада көмүрдүн ө. ж-лык маанидеги 64 кабаты бар. Алардын калыңдыгы 0,7–2,5 *м*, айрым учурда 7–8 *м*ге жетет. Жалпы калыңдыгы 88 *м*ге барабар. Көмүр негизинен гумустуу, көпчүлүгү металлургиялык кокс көмүрүн казып алууга жарактуу. Жылуулук кубаты 7000–8000 *ккал/кг*, күлдүүлүүгү 15–25%. Юра мезгилинин көмүрдүү катмарлары континенттик шартта пайда болгон. Алар негизинен көл чөкмөлөрүнөн (кумдук, конгломерат, аргиллит, көмүр) түзүлүп, калыңдыгы 600 *м*ге жетет. Мында 15тен ашык көмүр катмары линза түрүндө кездешет. Калыңдыгы 1–5 *м* (чанда 20 *м*). Көмүр күрөң түстө. Күлдүүлүгү 15–25%. Жылуулук кубаты 6200–7100 *ккал*. Бассейндеги таш көмүр (Михайловск, Кымыз-Кудук кендеринен башкасы) жер астынан шахталар м-н казылып алынат. Көмүрдүн чалгындалган жалпы запасы 8,2 млрд *т*.

Ад.: *Кушев Г. Л.* Карагандинский угольный бассейн. 2-е изд. А.-А., 1963. *Ч. Иманалиев.*

КАРАГАНДЫ ОБЛУСУ Казакстан Респ-ндагы адм.-айм. бирдик. Облус 1932-ж. 10-мартта уюшулган. Аянты 428,0 миң *км*². Калкы 1333,6 миң (2004). Облустун курамында 9 район, 11 шаар, 16 шаарча бар. Борбору – Караганды ш. Облус *Казак Сары-Аркасынын* борб. бөлүгүн ээлейт. Негизинен бөксө тоолор м-н дөңсөөлүү түздүктөр басымдуу. Кен байлыктарынан таш көмүр *(Караганды көмүр бассейни)*, темир, корунд, акиташ, отко чыдамдуу чопо, курулуш материалдары ж. б. бар. Климаты кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы –16... –17°С, июлдуку 20–21°С. Жылдык жаан-чачыны 250–300 *мм*, тоолуу аймактарында 300–400 *мм*. Ири дарыялары: Нура, Кулан-Өтпөс, Есил ж. б. Иртыш – Караганды каналы (уз. 500 *км*) курулган. Майда туздуу көлдөрү көп. Жер астында суусу мол, ал кеңири колдонулат. Топурак кыртышы – корбанаттуу кара, тоолуу кара, кара күрөң ж-а күрөң. Өсүмдүктөрүнөн чөп (шыбак, бетеге, беде ж. б.), бадал (караган, табылгы, ит мурун, ыргай ж. б.) өсөт. Каркыралы, Кент, Ку ж. б. тоолорунда карагай, кайың, көк терек; өзөн бойлорунда тал, шилби кезигет.

Облустун калкы Казакстандын калкынын 9%ин түзөт (2003). Казак (37,6%), о. эле орус (43,6%), украин (5,6%), немис (4,0%), беларус (1,5%), татар ж. б. улут өкүлдөрү да жашайт. Калкынын орт. жыштыгы 1 *км*²ге 3,1 киши (2004). Шаар калкы 83% (2003). Ири шаарлары: Караганды, Абай, Балкаш, Жез-Казган, Кара-Жал, Темир-Тоо, Шахтинск. К. о. 2001-ж. Казакстанда өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын 10,1%ин өндүргөн. Көмүр казып алуу (Караганды, Шубар-Көл), энергетика (Абай, Караганды, Темир-Тоо), хим., машина курулуш, металл иштетүү, жеңил, тамак-аш ө. ж. [illegible]шканалары өнүккөн. Андан тышкары көмүр [illegible]сталат. Кара (Кара-Жал, Кен-Төбө, Соколов-[illegible]ыбай), түстүү (Жамбыл; вольфрам, молибден) [illegible]а сейрек кездешүүчү металлдарды (Карагайлы, Жогорку Кайракты) иштетүүчү, курулуш материалдарын чыгаруучу (Ак-Тоо, Темир-Тоо) [illegible]дор иштейт. 2001-ж. 10,8 млрд *кВт·саат* электр энергиясы өндүрүлгөн. Балкашта балык кармалып, беленделет. А. ч-га жарактуу жери 34257,1 миң *га*, а. и. айдоо аянты 1062,2 миң *га*, чабынды 389,6 миң *га*, жайыт 31724,9 миң *га* жерди түзөт. Негизинен дан эгиндери (күздүк, жаздык), о. эле тоют өсүмдүктөрү, картөшкө, күн карама, көп жылдык бак-дарактар өстүрүлөт. Эт-сүт багытындагы уй, кой, жылкы, чочко асыралып, үй куштары багылат. Облустун аймагы аркылуу Павлодар – Чымкент нефть түтүгү өтөт. Облуста жалпы билим берүүчү 624 мамл. мектеп, 17 ЖОЖ (а. и. ун-т, тех. ун-ттер, Эмгек гигиенасы м-н кесиптик оорулар ж-а түстүү металлургия ин-ттары ж. б.), коллеждер, китепканалар, театрлар (а. и. орус, казак, немис драма), филармония, музейлер, цирк бар.

Ад.: Региональный статистический ежегодник Казакстана. А., 2001; Регионы Казакстана, А., 2002; Караганды облусу//Қазақстан Улттық энциклопедиясы. 5-т. Алматы, 2003.

КАРАГАТ (Ribes) – өсүмдүктөрдүн барсылдактар тукумундагы көп жылдык бадал. Бийикт. 1,2–2,5 *м*. Жалбырагы жөнөкөй. Гүлү майда, бир же эки үлүштүү. Жемиши түрдүү түстө, кычкыл. 150гө жакын түрү белгилүү. КМШ өлкөлөрүндө жапайы ж-а эгилме 40тай түрү өсөт. Жапайы түрү тоодо, капчыгайда суу бойлорунда көп кездешет. К-тын кеңири таралгандары – кара К. (R. nigrum L.), кызыл К. (R.rubrum L.),



Кызыл карагат.

сары К. (R. aureum Purch.). Кырг-нда негизинен кара ж-а кызыл К. өстүрүлөт. К а р а К. мөмөсүндө 5–11,08% кант, 2,85–4,0% к-талар, 0,26%тей пектин, 0,4% боёк, 0,8% азоттуу заттар, 100–400 *мг*% С витамини, 500 *мг*% ке чейин Р витамини, о. эле В витамини, А провитамини бар. Гектарынан 4–5 *т*дан түшүм жыйналат. К-тын дарылык касиети да бар. Ысык-Көлгө К-тын Алтай десерти деген сорту райондоштурулган. Кызыл К-тын мөмөсүндө 4–10% кант, 2–[illegible]и лимон к-тасы, С витамини (30 *мг*%ке ч[illegible]), бир аз Р витамини, о. эле өндөгүч, боёк[illegible]тин заттар бар. Зыянкечтери: К. таарыгыч[illegible] өсүмдүк бити, барсылдакчы көпөлөк, жет[illegible]чү кене ж. б., негизги илдеттери: антрак[illegible]дат ж. б.

Ад.: *Поздняк[illegible] А. Д.* Смородина. М., 1985.

КАРАГИЕ, Б[illegible]т ы р – дүйнөдөгү эң терең ойдуңдардын б[illegible]; Чыгыш Казакстанда. Маңкыштак платосунда дениз деңг. 132 *м* төмөн жайгашкан (О. Азиянын эң терең жери). Каспий денизинин чыгыш жээгинде. Уз. 85 *км*, жазылыгы 25 *км*ге чейин. Капталдары жардуу тик беттер, о. эле жазы ж-а терең эрозиялык капчыгайлар (сайлар) м-н татаалдашкан. Кургакчыл ландшафт мүнөздүү. Таманында шор баскан жерлер арбын кездешет.

КАРАГОЙ МӨҢГҮСҮ – Кичи Алай кырка тоосунун түн. капталындагы татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Араван-Сай суусунун алабында. Уз. 7,2 *км*, аянты 4,8 *км*². Мөңгүнүн башы дениз деңг. 4800 *м*, этеги 3600 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4200 *м*. Абляциясынын аянты 3,5 *км*². «Тили» морена чөкмөлөрү м-н туташ капталган. Мөңгүдөн Кыргыз-Атанын башаты – Карагой суусу башталат.

КАРАГОЙ-МАЗАР – Кичи Алай тоосунун түн. капталындагы арча токойлуу табигый кооз аймак. Ноокат р-нунун аймагында. Карагой ж-а Мазар (Кыргыз-Ата суусунун башы) сууларынын алабынан орун алган. Уз. 30 *км*дей, туурасы 4 *км*, орт. бийикт. 2500–2800 *м*, эң жапыз жери 1900 *м*. Аянты 200 *км*²дей. Өрөөндүн таманы төртүнчүлүк мезгилдин борпоң чөкмөлөрүнө, өрөөндү караган тоо капталдары төмөнкү палеозойдун акиташ, кремнийлүү ж-а сланец тектерине толгон. Тоо капталдары аскалуу, тик, терең кокту-колоттор көп. Карагой, Мазар суулары ж-а алардын куймалары агып түшөт. Климаты континенттик, июлдун орт. темп-расы 18,8°С, январдыкы –20,7°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 500–600 *мм*. Талаа (1900–2200 *м* бийикте; бетеге, дүйүм чөп ж-а бадалдар басымдуу), шалбаалуу талаа (2200–3000 *м*; өскүлөң шалбаа жылгыны, альп астрагалы, буудайык, каз таман, шимүүр, кой жалбырак ж. б.), шалбаалуу токой (2200–3200 *м*; түркстан арчасы, бадалдар жылгын, каз таман, кой жалбырак, шимүүр, альп астрагалы ж. б.), субальп шалбаалуу талаа (2800–3300 *м*; бетеге, жылгын, кымыздык, кадимки гашум, каз таман, теңир-тоо пиязы, ыраң ж. б.), альп шалбаасы (3000–3200 *м*ден жогору; бетеге, тоо сулусу, ыраң, мамыр чөп ж. б.) мүнөздүү. Тоолордун түн. ж-а түн.-чыгыш капталдарында арча токою өсөт. Мазар-Тоонун ж-а анын айланасынын кооз ландшафты эс алуу жайларын уюштурууга өтө ыңгайлуу. Мазарга сыйынууга келген эл анын экол. тазалыгын сактайт.

КАРАГОО – Ысык-Көл обл-нун Тоң р-нундагы кыштак. Ак-Терек айыл округуна караштуу. Балыкчы – Каракол автомобиль жолунун боюнда, дениз деңг. 1750 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Бөкөнбаев кыш-нан 33 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 57 *км*. Кыштак 1930-ж. негизделген. Калкы 3650 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб бар. Оорукана, төрөт үйү, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

«КАРАГУЛ БОТОМ» – кыргыз элинин лирика-эпикалык дастаны; дастанды коштоп, кээде өз алдынча аткарылуучу комуз же темир комуз күүсү. Дастанда турмушта болуп өткөн окуя сүрөттөлөт. Ашыр аттуу мергенчинин 5 уулу болот: «экөө (Убагул, Эрегул) айтышып жүрүп, доодо өлөт, экөө (Байыргул, Дүйшөгул) атышып жүрүп, жоодо өлөт». Мергенчи жалгыз уулу Карагулду эликтин чаарчыгы деп байкоосуздан атып алышы, ошондо кошулган кошок чыгарманын негизги өзөгүн түзөт. Анда эң акыркы үмүт-тилегинен айрылган абышка-кемпирдин оор кайгысы баяндалат. «К. б.» окуясынан байыркы элдик тотемдик, анимисттик түшүнүктөр (кайберендин каргышы Карагулду атасына аттырды деген) сезилип турат. «К. б-дун» ыр (кошок) ж-а кара сөз түрүндөгү 5 варианты бар, а. и. *Калык* Акыев ж-а *Сарыкунан* (Сагынбек Дыйканбаев) айткан варианттар толук ж-а жогорку көркөмдүккө ээ. Калык «К. б-дун» маанисин тереңдетип, көркөмдүгүн арттыруу м-н оригиналдуу иштеп чыккан. Анын варианты Сарыкунандыкына сюжеттик өзөгү дал келгени м-н чыгарманын ар учурун баяндоодо өз алдынча чечмелеген табылгалар арбын. «К. б.» күүсүн комузчу А. *Эшмамбетов* мыкты аткарган. «К. б.» дастаны А. *Айталиевдин*, О. *Кутманалиевдин* аткаруусунда кыргыз радиосунун алтын фондусунда сакталып турат.

КАРАГУЛОВ Бакыт (12. 8. 1950-ж. т., Фрунзе) – кинорежиссёр, КРдин эл арт. (2007). КМУну (1972), Москвадагы киноакадемияны (1989) бүткөн. «Кыргызтелефильм» (1972–76), «Финема» студияларында режиссёр, директор (1978–2005), 2007-жылдан «Кыргызфильм» улуттук киностудиянын директору. «Айдагы жез кем-



пир» (Бүткүл союздук кинофестивалдын мыкты режиссура үчүн атайын сыйл., Бишкек, 1985), «Бороондуу бекет» (Алтын камера сыйл., Берлинаре, 1996), «Саманчынын жолу» (Атайын сыйл., Берлин, 2000), «Найман эненин көз жашы» (Атайын сыйл., Австрия, 2006) ж. б. фильмдерди тарткан. Айрым фильмдери («Биринчи генерал», «Турмуш гүлдөрү», «Ат жалын бек карма», «Куш өмүр» ж. б.) Токио, Египет, Италия, Венгрия,



Б. Карагуловдун «Ата» фильминен кадр.

Канадада өткөн эл аралык фестивалдарга катышкан. Ч. Айтматов атн. эл аралык сыйл. лауреаты.

КАРАГЫЗ (Пионер), Жергез – Ысык-Көл обл-нун Ак-Суу р-нундагы кыштак. Кереге-Таш айыл округуна караштуу. Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгышында, Жергез суусунун боюнда, деңиз деңг. 1875 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Каракол ш-нан 20 *км* чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 244 *км*. Калкы 1050 (2010); негизинен мал м-н алектенет.

КАРА ДАРЫ – жарылуучу зат. Ал 75% калий нитратынын аралашмасынан, 13% жыгач көмүрүнөн ж-а 12% көмүрдөн турат. Ар бир ингредиент алгач майдаланат, анан аралаштырылат ж-а алынган аралашма нымдалып, дагы бир жолу майдаланат. Алынган масса белгилүү өлчөмгө чейин ныкталып, анан кургатылат. Жарылуу учурунда күйбой калган көкүрттүн ж-а жыгач көмүрүнүн калдыгы кошулуп, жарылуудан кийинки түтүндү пайда кылат. К. д. 10-к-га чейин кытайлар м-н арабдарга белгилүү болгон. Ал эми Европада 14-к-дан баштап, 1904-ж. чейин согуштук иш-аракеттерде колдонулган. Азыр К. д. дээрлик колдонулбайт.

КАРА-ДАРЫЯ – Кырг-н ж-а Өзбекстан аймактары аркылуу аккан дарыя. Фергана ойдунунун чыгыш жагында. Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталынан башталган Кара-Кулжа, Алайкуу кырка тоосунан башталган Тар суулары кошулгандан кийин К.-Д. деп аталат. Нарын д. м-н кошулуп, Сыр-Дарыяны түзөт. Уз. 180 *км*, алабынын аянты 33 100 *км*². Жогорку агымы куюш, орто ж-а төмөнкү бөлүктөрү кенири өрөөндөр аркылуу агат. Ири куймалары: Жазы, Көгарт, Кара-Үнкүр, Майлы-Суу (оң), Куршаб, Араван-Сай (сол) ж. б. 200дөн ашык куймасы бар. Алабында 40ка жакын көл жатат, алардын эң ирилери: Чоң Кулун, Кичи Кулун, Чоң Көл, Кичи Көл, Кабылан-Көл, Кара-Көл, Кутман-Көл ж. б. Жылдык орт. чыгымы Кемпир-Абад кыш. тушта (чатыдан 140 *км* жогору) 121 *м*³/*сек*. Эң көбү 676 *м*³/*сек*, эң азы 28,9 *м*³/*сек* (февраль). Кар жана мөңгүр астындагы суулардан куралат. Сугатка кеңири пайдаланылат. К.-Д-да Куйган-Жар тосмо, Анжиян суу сактагычы курулган, дарыя жана анын куймаларынан ондогон сугат каналдар (Чоң Фергана, Кочкор-Ата, Отуз-Адыр, Увал, Чатыбай, Найман ж. б.) чыгарылган. Жээгинен өзгөн ш., көптөгөн кыштактар орун алган.

КАРА-ДАРЫЯ ШААР КАЛДЫГЫ – б. з. ч. 4–1-к-га таандык археол. эстелик. Өзгөн ш-нан 15 *км* түш.-чыгышта, Кара-Дарыя суусунун оң тарабында, Тар ж-а Кара-Кулжа сууларынын кошулган жеринде, бийик секиде жайгашкан. Тегерете аң м-н курчалып, чарчы үлгүдө, аянты 10 *га*дай. Дубалдын уз. 320–330 *м*; кароол мунаралары бар. Батыш тарабында дубалга жакын сепил жайгашкан, дубалынын бийикт. 10 *м*. Археол. изилдөөлөрдө Шоро-Башат мад-тына мүнөздүү (б. з. ч. 4–1-к.) оймо-чиймелер м-н кооздолгон, ар түскө боёлгон карапа идиштери, чоподон жасалган ийиктин баштары, темир шакекчелер табылган. 1958–59-ж. археологдор Ю. А. Заднепровский ж-а Д. Ф. Винник казып, изилдешкен.

КАРА ДЕҢИЗ – Атлантика океанынын жер ортолук деңизи; Россия, Украина, Румыния, Болгария, Түркия ж-а Грузиянын жээктерин чулгайт. Батыштан чыгышка 1150 *км*ге, түндүктөн түштүккө 580 *км*ге созулат; эң кууш жери 265 *км*. Керчь кысыгы аркылуу Азов, Босфор кысыгы аркылуу Мрамор деңиздери, андан ары Дарданелл кысыктары аркылуу Эгей, Жер ортолук деңиздери м-н туташат. Аянты 422 миң *км*². Суусунун көлөмү 547 миң *км*³. Орт. терендиги 1300 *м*, эң терең жери 2210 *м*. Батыш ж-а түн.-батыш жээктери жапыз, чыгышы ж-а түш. жээги Чоң ж-а Кичи Кавказ, Понт тоолоруна такалат. Ири булундары: Каркинит, Каламит, Днепр, Буг ж-а Днестр лимандары (түн.-батыш жээктеринде), Синоп, Самсун (түш.). Эң ири ж-а жалгыз жарым аралы – Крымдын түш. жээги тоолуу. Аралдары аз; эң ирилери: Березань, Змеиный.

К. д. болжол м-н палеогендин аягынан неоген, антропоген мезгилдеринде калыптана баштаган. Пайда болуу процессинин 1-стадиясында Каспий м-н бирге болгон. Палеогенден мурдараак Кавказ тоолору көтөрүлүп, К. д. Каспийден бөлүнгөн. К. д. геол. өнүгүү тарыхында Жер ортолук деңизден бир нече жолу бөлүнгөн. Таманынын рельефинде шельф, материктик капталы, терең чуңкурлук өзгөчөлөнүп турат. Шельфтин эң жазы жери (200 *км*ден ашат) деңиздин түн.-батыш бөлүгүндө, терендиги 110–160 *м*ге жетет; калган бөлүктөрүндө адатта терендиги 110 *м*ге чейин, жазылыгы 10–15 *км*ден 2,5 *км*ге чейин (Түркиянын жээктеринде). Материктик каптал суу астындагы чуңкурдуктар ж-а каньондор м-н өтө тилмеленген. Синоп м-н Самсундун аралыгында (150 *км*ден ашык аралыкта) суу астындагы кырка тоолордун системасы созулуп жатат. Чуңкурдуктун таманы аккумуляциялык жайпак түздүк, ал борборун карай 2000 *м* ж-а андан ашык терендейт (деңиздин эң терең жери 2211 *м*). Деңиз чанагынын басымдуу бөлүгү Альп геосинклиналдык бүктөлүү аймагында жайгашкан. Чуңкурдуктун таманы эки катмардан турат: чөкмө тектүү ж-а базальттуу; чөкмө тектүү катмардын калыңдыгы 10–16 *км*. Чуңкурдуктун борб. бөлүгүндөгү жер кыртышынын калыңдыгы 22–25 *км*, чет-жакасында «базальттын» үстүндөгү гранит катмарыныкы 30–35 *км*. К. д-дин түн.-батыш шельфтүү бөлүгү Чыгыш Европа платформасынын түш. четин ж-а эпипалеозойдук Скиф платформасын камтыйт. Негизги кен байлыктары: нефть ж-а газ (чуңкурдуктун түн.-батышында), титан-магнетиттүү кум чачындысы (Тамань, Кавказдын жээктери).

Деңизге Дунай, Днестр, Түш. Буг, Днепр, Рионы, Кызыл-Ырмак д. куят. Деңиз кургактык м-н курчалып тургандыктан, климаты континенттик. Түн. бөлүгү мелүүн алкакта жатат; кышы жумшак, жайы жылуу. Түш. бөлүгү жер ортолук деңиз тибиндеги субтропиктик климат алкагында жаткандыктан, кышы жылуу, жаанчачын арбын жаайт, жайы ысык, кургакчыл. Кышында К. д-дин климатына Азия антициклонунун бир тармагынын таасиринен түн.-чыгыш ж-а чыгыштан соккон муздак шамал, айрыкча Кавказ жээктеринин түн. бөлүгүндө катуу болот. Жогорку басымдын басандашы К. д-деги циклондун күчөшүнө ж-а түштүктөн жылуу агымдын киришине алып келет. Январдагы орт. темп-расы түн.-батышында −2,6...−3°С, Крымдын түш. жээгинде 3,7°С, түш.-чыгышында ж-а түштүгүндө 6–9°С, батышында −1°Сден 4°Сге чейин. Эң төмөнкү темп-ра К. д-дин түн. бөлүгүндө −25°Сден −30°Сге чейин жетет. Жайында Азор антициклону басымдуулук кылып, күн ачык ж-а жылуу болуп, шамал анча болбойт. Июлда абанын орт. темп-расы 22–25°С, эң жогорку темп-ра 35–37°Сге жетет. Жылдык жаан-чачыны батыш ж-а түн.-батышында 300–500 *мм*, чыгыш ж-а түш.-чыгышында 1500–2500 *мм*. Жайында өтө катуу куюн (смерч) да болот. Атм-нын циклондук айлануусу ж-а материктен куйган дарыялар деңиз үстүндөгү суунун циклондук айлануусун пайда кылат. Суу бетинин темп-расы кышында 6–8°С, Керчь кысыгынан түн.-батышты ж-а түштүктү карай 0,5°Сге чейин төмөндөп, жайында суусунун темпрасы 25°Сден жогору болот. Туздуулугу 18‰ чамасында, дарыя чаттарында 3–9‰. Кышында К. д-дин түн.-батыш ж-а түн.-чыгыш бөлүктөрүндөгү булундарда муз тоңот. Деңиздин терең катмарында (150 *м*ден төмөн) суунун курамында күкүрттүү суутек арбын, ал деңиз түбүндө 11–14 *мг*/*л*ге жетет. Ошого байланыштуу К. д-дин терең бөлүктөрүндө тирүү организм (бактериялардан башкасы) кездешпейт. Тюлень ж-а дельфин бар. Балык (хамса, ставрида, скумбрия, пеламида, шпрот, осётр ж. б.) кармалат. Ири порттору: Одесса, Севастополь (Украина), Ильичёвск, Новороссийск, Туапсе (Россия), Поти, Батуми (Грузия), Констанца (Румыния), Бургас, Варна (Болгария), Трабзон, Самсун, Зонгулдак (Түркия). Жээктеринде курорттор көп: Крымдын Түш. жээги (Украина), Кавказдын Кара деңиз жээги (Абхазия, Грузия), Алтын Кум, Күнөстүү Жээк (Болгария) ж. б.



Кавказдын Кара деңиз жээги.

Ад.: *Еремеева Е.* Черноморье. Симферополь, 1965; *Филиппов Д. М.* Циркуляция и структура вод Черного моря. М., 1968; *Кузьминская Г. Г.* Черное море. 6-е изд. Краснодар, 1977; Физическая география материков и океанов /Под ред. Рябчикова. М., 1988.

Ж. Чуңгулов.

КАРА-ДӨБӨ – Баткен обл-нун Кадамжай р-нундагы кыштак. А. Масалиев атн. айыл округуна караштуу. Кадамжай – Кызыл-Кыя автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 930 *м* бийиктикте жайгашкан. Райондун борбору Пүлгөн кыш-нан 34 *км* чыгыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. бекетинен 7 *км*. Калкы 3572 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү, бала бакча, мончо, мечит бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү, тамактануучу жайлар иштейт. В. И. Ленинге барельеф ж-а Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КАРА-ДӨБӨ – Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нундагы кыштак. Кашка-Суу айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1426 *м* бийиктке жайгашкан. Райондун борбору Кербен ш-нан 21 *км* түн.-батыш тарапта. Үч-Коргон т. ж. бекетинен (Өзбекстан) 76 *км*. Калкы 1001 (2010); негизинен

мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет.

КАРА-ДӨБӨ – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Отуз-Адыр айыл округуна караштуу. Ош – Өзгөн автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1020 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кара-Суу ш-нан 18 *км* түш.-чыгыш тарапта. Калкы 2092 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

КАРА-ДӨБӨ – Чүй р-нундагы кыштак. Искра айыл округуна караштуу. Кызыл-Суу суусунун боюнда, деңиз деңг. 948 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Чүй кыш-нан ж-а Токмок т. ж. бекетинен 17 *км* түш.-чыгыш тарапта. Кыштак 1929-ж. негизделген. Калкы 1274 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү, ФАП бар. Мончо ж-а соода жайлары иштейт.

КАРА-ДӨБӨ, К а р а - Т о п у – Баткен обл-нун Кадамжай р-нундагы кыштак. Марказ айыл округуна караштуу. Кадамжай – Кызыл-Кыя автомобиль жолунун жээгинде, деңиз деңг. 930 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Пүлгөн кыш-нан 35 *км* чыгыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. бекетинен 10 *км*. Калкы 2831 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенип, мал м-н алектенет. Негизги мектеп, китепкана бар.

КАРА-ДӨБӨ КӨМҮР КЕНИ Ош обл-нун Өзгөн р-нунда, Өзгөн ш-нан 70 *км* түн.-чыгышта, Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталында, Кара-Добо ж-а Байбиче сууларынын ортонку агымынын алабында. Кен ж-догу алгачкы маалымат 1909–16-ж. Д. И. Мушкетовдун изилдоолорунда кездешет. 1941–45-ж. издоо иштери жүргүзүлгөн. 1990–92-ж. технол. көмүр изилденген. Кен Бал-Камыш участкасы, Делдеке-Тоо аянты болуп экиге бөлүнөт. Көмүр туюк свитасы м-н байланышкан. Чаар-Таш ж-а Зындан свиталары аз көмүрлүү. Көмүрдүү туюк свитасында 20га жакын кабат, кабатча кездешет. А. и. 4 кабат кенири тараган, калыңдыгы 0,5 *м*ден 5,2 *м*ге чейин. Сапаты ж-а технол. касиеттери б-ча биринчи майсыз (1Т) ж-а экинчи майсыз (2Т) маркасына кирет. Орт. күлдүүлүгү 5,57%тен 14,85%ке чейин, күйүү жылуулугу 33,76–36,43 *МДж/кг* (8065–8703 *ккал/кг*). Жогорку сапаттагы энергетикалык отун өндүрүүгө, карбид алууга ж-а кокстоого жарайт. Кайра бааланган (1990) болжолдуу ресурсу 40446 мин *т*. Делдеке-Тоо аянтынын Батыш участкасы түш. жагында, ачык казып алуу үчүн жерг. участка болүнгөн ж-а запасы эсептелген. Анын запасы C_1 ж-а C_2 категориясы б-ча 42 мин *т* (1995).

КАРА ДОҢ – сорподон жасалган суусундук түрү. Жаш эттин нак сорпосуна чактап муздак суу кошулат. Ал жеген тамакты жакшы сиңирүү үчүн эттен кийин ичилет.

КАРА-ДЫЙКАН, И л ь и ч ё в к а (1924–2004) – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Жазы айыл округуна караштуу. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 9 *км* түн.-чыгыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 59 *км*. Калкы 5965 (2009); негизинен мал м-н алектенип, [illegible]алы айдашат. Орто ж-а балдардын муз. мек[illegible]и, клуб, 2 китепкана, бала бакча бар. Кургак [illegible]чук диспансери ж-а райондук оорукана, ту[illegible]ш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода [illegible]а тамактануу жайлары иштейт. Улуу Ата Ме[illegible]ыдык согушта курман болгондорго эстелик тур[illegible]узулган.

КАРАЕВ Өмүркул [1930, Фрунзе (азыркы Чүй) обл., Чүй р-ну, Сайлык кыш. – 18. 9. 2002, Бишкек] – тарыхчы, тарых илимд. доктору (1984), проф. (1994). 1953-ж. КМУну бүткөн. 1952–58-ж. Ош обл-нун мектептеринде мугалим, 1963–87-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунда кенже, улук, жетектөөчү ил. кызматкер, сектор башчысы, 1987–94-ж. Кол жазмалар ж-а жарыялоо бөлүмүнүн башчысы, 1994–2002-ж. сектор башчысы болуп иштеген. Эмгектери байыркы ж-а о. кылымдагы кыргыз тарыхынын маселелерине, а. и. *Моголстандын* тарыхын изилдөөго арналган ж-а кыргыз элинин этнос болуп түзүлүшү, анын тарыхый хроникаларын аныктоодо сунуш кылган жаңы көз караштары бир топ талаш маселелерди чечүүдө маанилүү болуп эсептелет. К.– кыргыз илимпоздорунун ичинен алгачкы араб таануучу. 50дөн ашуун ил. эмгектин (4 монография, 1 китеп) автору.

Эмг.: Арабские и персидские источники IX–XII вв. о киргизах и Киргизии. Ф., 1968; Арабо-персидские источники о тюркских народах. Ф., 1973; История Караханидского каганата (X – начало XIII вв.). Ф., 1983; Чагатайский улус, государство Хайду, Моголистан. Б., 1994.

КАРА ЖАМА, н е к р о б а к т е р и о з – малдын жугуштуу ылаңы. Аны м-н малдын бардык түрү ж-а канаттуулар ылаңдайт. Малдын оозунун тегереги, былжыр кабыкчалары, ички органдары, туягы ириңдеп, жарага айланат. Ылаң козгогучу – анаэроб тобундагы микроб. Кырг-ндын шартында козу, улакта К. ж-нын ооздон кармаган түрү коп кезигет. Ыландын микробу мал жайылган жерде, кыкта, малдын ичеги-карынында болот. Дарылоодо ыландаган малга карантин коюп, жакшы тоюттандырылат, зоогигиеналык жакшы шарт түзүлөт. Жарасын тазалап, 1–3%түү марганцовканын же перманганаттын эритмеси м-н жуун, дезинфекциялоочу май, антибиотиктер колдонулат. Алдын алууда короо-сарайларды кургак ж-а таза кармоонун мааниси чоң. Жаш төлдүн киндигин убагында туура кесип, йод тундурмасы м-н күйгүзүп, К. ж-га каршы төлдүн 2–3 күндүгүнөн баштап вирус-вакцина м-н эмдоо керек. Короо-сарайды дезинфекциялоо, малды дайыма вет. көзөмөлдөн өткөрүп туруу зарыл.

КАРА ЖАМГЫР, к а р а ж а а н – токмо жаан; түнөрүп, асманды чүмкөгөн калың булуттан катуу жаайт. К. ж. көпкө созулса, кээде селге айланып, жолдорду, көпүрөлөрдү бузуп, аңыздарга кум, таш шилеп келип, чарбага зыян келтириши мүмкүн. Ак жаандан айырмасы – К. ж-дын суусу тез агып, кыртышка көп сиңбегендиктен, эгиндин, өсүмдүктөрдү ным м-н жетишерлик камсыз кыла албайт. О. эле к. *Ношор*.

КАРА ЖЕЛИ[illegible] к у г у ш т у у а г а л а к т и я (Agalactia in[illegible]osa ovium) – малдын желининен сүт чыкп[illegible]калышы. Ылаң козгогучу микоплазмалар[illegible]кумундагы микроорганизм, ал сырткы чөйр[illegible](10–25°С) 6 айга, сүттө 10 күнгө, сууда 30 күн[illegible]коргоолдо 10 күнгө, топуракта 20 күнгө чейи[illegible]сакталат. Ылаң соо малга жемчөп, желини ж-а денедеги майда жаракаттары аркылуу жугат. Ылаң өнөкөт өтүп (2–5 айга чейин), көбүнчө желини дартка чалдыгат, козу, улактардын көзү же муундары ооруйт. Ылаң курч өткөндө оору 1–2 жумага созулуп, малдын денеси ысыйт. Тууган малдын желини чочуп, адегенде көгүлтүр тунук суюктук чыгат, андан кийин ал суюктук коюуланып илээшкек тартып, майда иримчиктер пайда болот. Сүтү туз татыйт. Ылаң эпизоотол., клиникалык ж-а патанат. маалыматтардын негизинде коюлат ж-а бактериол. изилдоолор м-н такталат. Ылаңдан козу жараланган малды күндүн нуру түз тийбеген саал карангыраак сарайга багып, көзүн бор к-тасынын 1%түү эритмеси м-н 3 маал жууйт. Малдын жараланган желинин дарылоо үчүн үрпү аркылуу желиндин ичине күнүнө үч маал йод же йоддуу калийдин суудагы эритмесин же пенициллинди куюу керек. Мында 200 *мл* сууга 0,1 *г* кристаллдык йод ж-а 0,1 *г* йоддуу калийди эритип, 100–150 миң ТБ пенициллин кошулат. Козунун мууну сезгенгенде ошол муунга жакын тери алдына 1%түү кок таш эритмеси куюлат. Ылаңдап айыккан жаныбарда *иммунитет* пайда болот. Ылаңга каршы вакцина м-н эмделген малда иммунитет 12 айга дейре созулат. Ылаңды чарбага жолотпоо үчүн алдын алуучу карантин коюлат.

Ад.: *Раимбеков Д.* Эпизоотология жана айыл чарба жаныбарларынын жугуштуу ылаңдары. Б., 2007.

КАРА-ЖОРГО ТООСУ Ички Тенир-Тоодо. Кочкор ж-а Нарын р-ндорунун чегинде. Түндүгүнөн Кара-Кужур ороону, түштүгүнөн Кичи Кара-Кужур, Солтон-Сары, батышынан Сары-Булак сууларынын ороондору м-н чектешет. Кендик багытта 66 *км*ге созулат. Туурасы 12 *км*. Орт. бийикт. 3600 *м*, эң бийик жери 3933 *м*. Айланасындагы ороондордон салыштырмалуу бийикт. чыгышында 380 *м*, батышында 800 *м*. К.-Ж. т. горст-мегантиклиналдык түзүлүштө. Батыш бөлүгү неогендин аягы – төртүнчүлүк мезгилинин башында, ал эми чыгыш жагы төртүнчүлүк мезгилинде которулгон (бул болүгү палеоген, неогендин кызыл түстүү тектери м-н капталган). Кырына байыркы тайпак жерлер мүнөздүү. Май-Тор суусунун башында байыркы тайпак жерлер 3400 *м* бийикте жатат, ал чыгышты көздөй 3000 *м*ге чейин жапыздап, батышты карай айрым жерлери 3800 *м*ге чейин которулот да, кайра 3000 *м*ге чейин жапыздайт. Түн. капталы узун ж-а жантайыңкы, түш. капталы кыска. Түн. капталында тепши сымал ороондор да кездешет. Кокту-колоттуу, сайлуу келип, Ак-Кыя (3495 *м*), Кашка-Суу (3627 *м*), Чамынды-Жылга (4414 *м*), Жалпак-Бел (3300 *м*) ж. б. ашуулары бар. К.-Ж. т. негизинен ордовиктин интрузия (гранит, гранит-диорит) ж-а протерозойдун метаморфизм (мраморлошкон, доломиттешкен акиташ, филлит, кумдук, алевролит, диабаз, туф) тектеринен түзүлгөн. 3100–3800 *м* бийикке субальп, шалбаалуу-талаа, түн. капталына альп шалбаа ландшафт алкактары мүнөздүү. Жайыт катары пайдаланылат.

КАРА-ЖЫГАЧ – Баткен обл-нун Кадамжай р-нундагы кыштак. Майдан айыл округуна караштуу. Исфайрам-Сай суунун боюнда, деңиз деңг. 1180 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Пүлгөн кыш-нан 60 *км* түш.-чыгыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. станциясынан 20 *км*. Калкы 2484 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет.

КАРА-ЖЫГАЧ – Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нундагы кыштак. Кара-Жыгач айыл округунун борбору. Авлетим суусунун боюнда деңиз деңг. 920 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кербен ш-нан 35 *км* түн.-чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 60 *км*. Калкы 1785 (2008); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КАРА-ЖЫГАЧ – Жалал-Абад обл-нун Базар-Коргон р-нундагы кыштак. Кенеш айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 940 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 22 *км* түн. тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 55 *км*. Кыштак 1915-ж. отурукташкан. Калкы 1144 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП, мечит ж. б. бар.

КАРА-ЖЫГАЧ – Ош обл-нун Кара-Кулжа р-нундагы кыштак. Кабылан-Кол айыл округуна караштуу. Тар суусунун сол өйүзүндөгү тоо этегинде, деңиз деңг. 1880 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кыш-нан 23 *км* түш.-батыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 111 *км*. Калкы 1001 (2010); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КАРА-ЖЫГАЧ – Чүй обл-нун Аламүдүн р-нундагы кыштак. Кара-Жыгач айыл округуна караштуу. Кыштакка 1958-ж. Бек-Тоо кыш. ко-

шулган. Дениз денг. 800 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Лебединовка кыш-нан 17 *км* түш. тарапта. Аламүдүн т. ж. бекетинен 25 *км*. Кыштакты аралап Түш. Чоң Чүй каналы өтөт. Кыштак 1929-ж. негизделген. Калкы 2820 (2007); негизинен багбанчылыкта ж-а жүзүмчүлүктө эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, амбулатория, мад-т үйү ж. б. бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго, В. И. Ленинге эстелик тургузулган. Кыштактын чет-жакасында Кара-Жыгач шаар чалдыбары бар, балдардын эс алуу лагерлери жайгашкан.

КАРА-ЖЫГАЧ, К ы з ы л - Ж а з ы – Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нундагы кыштак. А. Сүйөркулов атн. айыл округуна караштуу. Дениз денг. 960 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Токтогул шаарчасынан 35 *км* чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 165 *км* аралыкта. Кыштак 1936-ж. негизделген. Калкы 2491 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча бар. Тамактануу жайлары, соода түйүндөрү иштейт.

КАРА ЖЫГАЧТАР (Ulmaceae) – эки үлүштүү өсүмдүк тукуму; жалбырак күбүмө же дайыма жашыл даректар. Гүлү майда, көрксүз, боочодой, топ гүлү башча же чачыдай, кээде жалбырак колтугунда 1–3 гана гүлү болот. Шамал аркылуу чаңдашат. Мөмөсү – канатчалуу жаңгакча же соокчо. Тропик ж-а мелүүн алкактарда 15 урууга кирген 150 түрү бар. КМШ өлкөлөрүндө 3 урууга бириккен 13, Кырг-нда кара жыгач ж-а каркас уруусундагы 7 түрү өсөт. К. жашылдандырууда ж-а токой өстүрүүчүлүктө эң маанилүү. Жыгачы курулушта, машина курууда ж-а эмерек ө. ж-нда керектелет.

КАРА-ЖЫЛГА МА́РГАНЕЦ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нунда, Таш-Көмүр ш-нан 15 *км* түндүктө, Бозбу-Тоодо жайгашкан. Кен 1950-ж. ачылып, геол. иштер жүргүзүлгөн. Кен аймагы девон мезгилинде пайда болгон акиташ, фельзит, альбитофир, кварцтуу порфир ж-а алардын туфтарынан түзүлгөн. Акиташ м-н эффузивдердин тийишкен жерин бойлоп марганец кенташынан турган үч участка созулуп жатат. 1-участка уз. 60 *м*, туурасы 27 *м*; 2-участка – уз. 15 *м*, туурасы 0,5 *м*; 3-участка – уз. 15 *м*, туурасы 4 *м*. Кенташ кварц, кальцит, пиролюзит минералдарынан турат. Марганецтин орт. олчому 14,4%. Кенташтын болжолдуу запасы 1728 миң *т*, марганецтики – 248,8 миң *т*.

КАРА-ЖЫЛГА СЕЙРЕК МЕТАЛЛДАР КЕНИ Талас р-нунда, Кара-Жылга тоосунда, Кенкол суусунун оң жээгинде, дениз денг. 1850–2200 *м* бийикте. 1957–61-ж. издөө-баалоо иштери жүргүзүлгөн. Кен рифейдеги кара-жылга гранит ж-а гнейс–гранит интрузия эндоконтагынын түн.-чыгыш бөлүгүнө туура келет. Кенташ тулкулары граниттин катаклаздалган, гнейстелген зоналарына туташып, түн.-батышка созулган жаракалар м-н байланышкан. Негизги минералдары: ферриторит, торит, ортит, монацит, ильменорутил. Кенташтагы сейрек учуроочу металл кычкылынын орт. өлчөмү 0,1–0,3%. Сейрек учуроочу металлдардын болжолдуу запасы 16700 *т*.

КАРАЙЫМДАР (өздөрүн карайымдар деп аташат) – Украина (Крымда 1200), Россия (Москва ж-а Санкт-Петербургда 366), Литва (300), Польша (45), Израилде (20 мин) жашаган аз сандагы эл (2002). *Карайым тилинде* сүйлөшөт. Динге ишенгендери – карайым диниятчы. К. – Хазар кагандыгына кирген түрк урууларынын укумтукумдары. 10-к-да Хазар хандыгын Киев княздыгы талкалаган соң, К. Крым аймагында калышкан. 14-к-да Крым хандыгынын борбору – Солхатта, о. эле Чуфут-Кала ш-нда К. жамааттары болгон. 14-к-дын аягында К. Улуу Литва княздыгынын туткундары катары Литвага, Украинанын батыш аймактарына көчүрүлгөн. Крым (1783) ж-а Вильнанын (1795) Россия империясынын курамына кириши м-н К-дын абалы өзгөргөн. 1795-ж. Екатерина II Россияда жашаган К-ды салыктан бошотуп, жер менчиктерин алууга уруксат берген. К. дыйканчылык м-н кесиптенишип, туз кендерин пайдаланышкан.

КАРАЙЫМ ТИЛИ – *карайымдардын* тили. Түрк тилдеринин кыпчак тобуна кирет. К. т. түн. (тракай), түш. (галич) ж-а крым диалектилерине бөлүнөт. Негизинен карачай-балкар, крымтатар, кумук, ногой тилдерине жакын. Синтаксисине славян тилдеринин таасири тийген. К. т. 1840-жылдан байыркы еврей, латын, славян графикасын пайдаланган. 19-к-дын аягынан орус (Россия, Украина), латын (Литва, Польша) графикасындагы алфавитти колдонушат.

КАРА-КАБАК – Ош обл-нун Чоң Алай р-нундагы кыштак. Кашка-Суу айыл округуна караштуу. Дениз денг. 2840 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Дароот-Коргон кыш-нан 48 *км* чыгыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 238 *км*. Калкы 1001 (2008); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КАРА КАГАЗ, р у б е р о и д – курулушта ным өткөрбөө максатында колдонулуучу түрмөк материал. Ал картондун (салмагы 350–500 *г/м*^{2}) эки жак бетине жумшак нефть битуму сиңирилип ж-а экинчи катмары кыйындык м-н эрүүчү битум жабыштырылып даярдалат. К. к-дын сырткы бети бүртүк ж-а кабырчыктуу (кесек кум, асбест) келип, күн нурунан сактоо м-н туруктуулугу жогору. К. к. түрмөгүнүн эни 650–1100 *мм*, аянты 20 *м*^{2} болот.

КАРА-КАЗЫК АЛТЫН КЕНИ Ош обл-нун Алай р-нунда, Көк-Суунун сол жээгинде, Кара-Казык суусунун Көк-Суугa куйган жерине жакын, дениз денг. 3350–4300 *м* бийикте. 1977-ж. табылып, 1982-ж. чейин издөө-баалоо иштери жүргүзүлгөн. Кен аймагы карбон-пермь мезгилиндеги кара казык, пермдеги алаудин, улакол интрузиялары м-н жирелген девондогу доломиттерден, карбондогу акиташ, мрамор, кумдук, сланец, конгломерат катмарларынан түзүлгөн. Кенташ карбон-пермь гранодиоритин курчап жаткан тектер доломит-акиташ, акиташ-сланец формация чек аралар ж-а интрузияга чектеш майда жаракалар м-н байланышкан. Кен магмадан кийин пайда болуп, скарн тибине ж-а скарн-кендин-жез формациясына кирет. Негизги минералдары: нукура алтын, халькопирит, борнит, халькозин, пирит, арсенопирит ж. б. Кенташтагы алтындын орт. өлчөмү 10,1 *г/т*, күмүш – 41,9 *г/т*, жез – 0,88%. Кенташтын запасы 4297 миң *т*, алтындыкы 43,599 *т*, күмүш – 180,105 *т*, жез – 38114 *т*.

КАРА КАЙЫНДАР – эки үлүштүү өсүмдүктөр катары (Fagales) ж-а тукуму (Fagaceae). Жалбырагы күбүлмө ж-а дайыма жашыл дарак ж-а бадалдар. Гүлү майда, көрксүз, желекчесиз, көбүнчө бир жыныстуу, демейде татаал топ гүлчөгө чогулган; шамал аркылуу чаңдашат. Мөмөсү жаңгактай. Катардын 2 тукуму (кара кайындар, ак кайындар) бар. К. к-дын 7–9 уруусу, 600дөй (айрым маалымат б-ча 1000ге чейин) түрү мелүүн, субтропик ж-а тропик алкактарда кезигет. Бир үйлүү энелик дихазийи (жуптуу топ гүл) бир же бир нече гүлдөн турат. Гинецейи (мөмө жалбырактары) синкарптуу, астынкы мөмөлүктүү. Казылып алынган калдыктары бор мезгилинде табылган. К. к. – токой түзүүчү өсүмдүктөр (кара кайын, эмен, каштан ж. б.).

КАРАКАЛПАК РЕСПУБЛИКАСЫ, К а р а к а л п а к с т а н Өзбекстандын курамында. Аянты 164,9 миң *км*^{2}. Калкы 1,3 млн (1993); негизинен каракалпактар, о. эле өзбек, казак ж. б. улут өкүлдөрү жашайт. Борбору – Нукус ш. К. Р-нын курамында 12 шаар, 14 шаарча бар. Шаар калкы 49%. Ири шаарлары: Нукус, Бируни, Хажейли ж. б.

К. Кызыл-Кум чөлүнүн түн.-батышын, Үстүрт платосунун түш.-чыгыш бөлүгүн, Аму-Дарыянын дельтасын ээлейт. Жери түзөң. Айрым жерлеринде гана тоо массивдери кездешет (ириси Султануиздаг, бийикт. 473 *м*ге чейин). Аму-Дарыянын дельтасы баткактуу; майда көлдөрү бар. 1980-жылдардын аягында экол. кыйроого учураган аймак деп жарыяланган. Климаты кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы – 5°С, июлдуку 27°С. Жылдык жаан-чачыны 100 *мм*. Кыз-Кеткен ж. б. каналдар курулган. Курулуш материалдары, фосфорит, түстүү металл, тальк, графит ж-а кайнатма туз казылып алынат. Аму-Дарыянын дельтасында шалбаалуу сары, Кызыл-Кумда кумдуу боз, Үстүрттө бозомук күрөң ж-а шор топурак басымдуу. Чөл өсүмдүктөрү (соксоол, шыбак ж. б.), токой (терек, жийде, тал, камыш ж. б.) өсөт.

К-да адамдар неолит доорунан жашайт. 16-к-дын аягында о. азиялык жазууларда каракалпактар өз алдынча эл катары көрсөтүлгөн. Алар 17-к-да, 18-к-дын ортосунда Сыр-Дарыянын ортонку ж-а төмөнкү агымын мекендеп, жарым көчмөн турмушта жашаган. Хива хандары 1811-ж. каракалпактарды каратып, аларды Сыр-Дарыянын томон жагына көчүрүшкөн. К. 1873-ж. Россияга кошулган. 1917-ж. совет бийлиги орнотулуп, 1918-ж. апрелде Түркстан АССРинин курамына кирген. 1920-ж. Хива хандыгынын аймагында Хорезм Сов. Эл Респ. түзүлүп, сол жээкте отурукташкан каракалпактар анын курамына өткөн. О. Азиядагы улуттукмамл. чек салып бөлүпүүнүн жүрүшүндө К. биригишип, 1925-ж. февралда Казак АССРинин курамында Каракалпак АОсу уюшулган (1930-жылдын июлунан РСФСРдин курамында). 1932-ж. мартта Каракалпак АССРи болуп кайрадан түзүлгөн. 1936-жылдын декабрынан Өзбек ССРинин курамында. 1992-жылдын январынан азыркыдай аталып, Өзбекстан Респ-нын курамында. Пахта тазалоочу, кебез-кездеме, майжуаз, курулуш материалдар, металл иштетүү ө. ж. ишканалары иштейт. Сугат дыйканчылыгы (гөзө, шалы, беде), бакчачылык, жашылчачылык, мал чарбачылыгы (каракөл коюу, бодо мал), жибекчилик өнүккөн. Жапайы айбанаттар да багылат. Тахиаташ ГРЭСи иштейт. К-дын аймагы аркылуу О. Азия м-н Россиянын борб. бөлүгүн байланыштырган Бухара – Урал т. ж-у, О. Азия – Борбор газ кууру өтөт. Аму-Дарыяда, Арал денизинде кеме жүрөт.

КАРАКАЛПАК ТАЛААСЫ, Ж а з ы ж а в а г л т а л а а с ы Фергана ойдунунун борб. бөлүгү. Анжиян обл-нун аймагында. Кумай, чопо, кум, жумуру таш тектеринен түзүлүп, жериниң бетин шорлуу ж-а саздуу жерлер ээлейт; такырлар ж-а кум доболорү кездешет. Баялыш, сарсазан, ажырык (шор жерлерде), шыбак, эфемерлер, терек, балгын (кумдуу жерлерде) өсөт. Негизинен жайыт катары пайдаланылат.

КАРАКАЛПАКТАР – Өзбекстандын түн.-батышындагы түрк тилдүү эл; Каракалпакстандын жерг. калкы. Өзбекстанда (500 миңден ашык 2008), о. эле Россия (1,6 мин), Түркмөнстан, Казакстан, Кырг-н ж-а Афганстанда (2,3 мин) да жашайт. Каракалпак тилинде сүйлөшөт. Динге ишенгендери мусулман-суннитгер. К-дын түпкү тегине Арал денизинин түш. жээгинде жашаган сак-массагет уруулары (б. з. ч. 7–2-к.), хуннидар, түрк уруулары (6–8-к.) аралашкан. К. огуз ж-а печенег элдеринин ичинде (8–10-к.) калыптанган. К-дын этногенезине ногойлор да таасирин тийгизген (14–15-к.). 1873-жылдан Россиянын курамында. К-тар мал чарбачылык, дыйканчылык м-н кесиптенишип, дубалы топурактан согулган үйлөрдө ж-а боз үйдө жашаган. Салттуу кийимдери улуу муундарда сакталып

калган. Эркектери көйнөгүн шымдын сыртына чыгарып, шымынын багалегин өтүктүн ичине салып, үстүнө чепкен, кышында тон ж-а көрпөдөн тигилген баш кийим кийип, белине жоолук же белбоо байланган. Аялдары (жаштар ачык, улгайгандар ак же боз, жесир аялдар көк түстүү) узун көйнөк, ыштан, кемсел кийип, башына топунун үстүнө баш ороо оронгон. Кызкелиндери, зайыптары бетин жапкан эмес. Баш кийимдин үстүнөн жегде жамынып, кооздуктарды тагынган. Тамак-ашы – негизинен дан, сүт (айран, каймак, курут), балык азыктары ж-а жашылча, жер-жемиштер.

КАРАКАЛПАК ТИЛИ – *каракалпактардын* тили. Түрк тилдеринин кыпчак тобуна кирет. К. т. түн.-чыгыш ж-а түш.-батыш деп эки диалектиге бөлүнөт ж-а ал диалектилер фонет. өзгөчөлүктөргө ээ. К. т. үчүн жалпы түрк тилиндеги «ч» ж-а «ш» тыбыштарынын «ш» ж-а «с» тыбышына алмашылып айтылышы мүнөздүү (мис., каш – «кач», бас –«баш»). Бул жагынан ногой, казак тилдерине жакын. К. т. л/д/т тыбыштары өзүнөн мурда келген үнсүз тыбыштын өзгөчөлүгүнө жараша өзгөрүлбөйт (мис., кырг. – таштар; казак.– тастар; каракалпактар – таслар). К. т-нде «г», «д» жумшак үнсүздөрүнүн болушу аны түрк тилдеринин огуз тобуна жакындатат. Огуз тобу К. т-нин калыптанышына таасир тийгизген. Каракалпак адабий тили Улуу Октябрь соц. рев-ясынан кийин калыптанган. Жазуусу 1928-ж. чейин араб алфавитинде, 1928–40-ж. латын алфавитиндеги жазууда болгон. 1940-жылдан орус алфавитине өткөн.

Ад.: *Баскаков Н. А.* Каракалпакский язык. М.; Л., 1951–52. Т. 1–2; Современный каракалпакский язык. Нукус, 1981.

КАРА-КАМАН – Ички Теңир-Тоодогу суу, Кичи Нарындын оң куймасы. Нарын р-нунда. Тескей Ала-Тоонун түш. капталынан башталат. Уз. 36 *км*, алабынын аянты 331 *км*². Башында Чоң Кара-Каман ж-а Кичи Кара-Каман аталат. Жогорку агымында кууш өрөөн аркылуу шар агат. Ортоңку бөлүгү тектирлүү. К.-К-дын 4 куймасы бар. Негизинен кар ж-а булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 2,1–3,3 *м*³/*сек*. Эң көп чыгымы июль – августта, азы январь – февралда байкалат.

КАРА-КАМАН ТООСУ Ички Теңир-Тоодо. Жылуу-Суу (чыгышында) ж-а Кара-Кужур (батышында) сууларынын аралыгында субкеңдик багытта жатат. Кара-Каман суусу аны экиге бөлөт. Уз. 56 *км*, туурасы 14 *км*, орт. бийикт. 3900 *м*, эң бийик жери 4343 *м*. Чардак-Суу ж-а Кара-Каман сууларынын өрөөндөрүнөн салыштырмалуу бийикт. 1000 *м*. К.-К. т. горст-мегантиклиналдык түзүлүштө. Неоген, төртүнчүлүк мезгилдеринде көтөрүлгөн. Батыш Кара-Камандын капталдары асимметриялуу: түн. капталы тик, кыска (2,5 *км*), түштүгү жазы (3–15 *км*), Чыгыш Кара-Каман симметриялуу түзүлүштө. Тик капталдуу тепши сымал өрөөндөр арбын. Байыркы тайпаң жондор 4000–4200 *м*, батышында 3600 *м* бийикте кездешет. Тепши сымал өрөөндөрдүн башы (түн. капталы) мөңгүлүү. Кар чегинин бийикт. 4000 *м*ден өтөт. Негизинен протерозойдун филлит, кумдук, алевролит, кварцтуу порфирит; соңку рифейдин гранит-диорит ж-а гранит тектеринен түзүлгөн. 300[illegible]500 *м* бийикте кылканактуу-шыбактуу кур[illegible]талаа, 3500–3800 *м*де субальп шалбаалуу т[illegible], 3800 *м*ден жогору альп шалбаасы, гляци[illegible]к-нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. [illegible]айыт.

КА́РА (КА́РСКИЙ) ДЕҢИЗИ [illegible]изге куйган Кара д-нын атынан) – Түн. Муз океандагы четки деңиз. Батыш Сибирь түздүгү, Жаңы-Жер, Франц Иосиф Жери ж-а Түн. Жер а-нын аралыгында. Батышында Кара Капкасы, Маточкин Шар кысыктары аркылуу Баренц деңизи, чыгышында Вилкицкий кысыгы, Түн. Жер а-нын аралыгындагы кысыктар аркылуу Лаптевдер деңизи м-н туташат. Түш.-батыштан түн.-чыгышка 1500 *км*ге созулат. Эң жазы жери 800 *км* (түн. бөлүгүндө). Аянты 883 миң *км*². Суусунун көлөмү 98 миң *км*³. Басымдуу терендиги 30–100 *м*, эң терең жери 620 *м*. Ири булуңдары: Обь, Гыдань ж-а Байдата колтуктары, Енисей, Пясина, булуңдары; аларга Обь, Енисей Пясина, Кара д. куят. Аралдардын көбү (жалпы аянты 1000 *км*ге жакыны) деңиздин түн.-чыгышында (Манин шхери, Норденшельд архипелагы ж. б. 70тен ашык арал) ж-а борб. бөлүгүндө (Арктика инту, БАК кабарлары, Сергей Киров, Визе, Ушаков, Шмидт ж. б. аралдар). К. д. материктик тайыздыкта (шельфте) жайгашкан, ошондуктан деңиздин 40%ке чейинки аянтынын терендиги 50 *м*ден ашпайт, 2%и гана 500 *м*ден терең. К. д-нин акваториясын бир нече жолу суу каптаган; азыркы турпаты плейстоцен муз каптоосу чегингенден кийин калыптанган. Деңизде газдын ж-а газ конденсатынын зор кендери (Ленинград, Русанов) ачылган.

Климаты арктикалык, катаал; жылына 3–4 ай *уюлдук түн*, 2–3 ай *уюлдук күн* болот. 0°Сден төмөнкү темп-ра деңиздин түн. бөлүгүндө 9–10 ай, түштүгүндө 7–8 ай кармалат. Февралда абанын орт. темп-расы Жаңы Жердин жээгинде –18°Сден Түн. Жердин жээгинде –26°Сге чейин, Челюскин тумшугунда минимуму –52°С катталган, августтуку түндүгүндө 0°Сден түштүгүндө 6°Сге чейин, материктик жээгинде максимуму 16°С катталган. Кышында катуу шамал, бурганак, жайында туман болуп турат. Жылдын басымдуу бөлүгүндө муз м-н капталат.

Суу массасы өтө муздак; суу катмарынын басымдуу бөлүгүндө темп-ра –1,5°Сден төмөн; терең (150–200 *м*) кобулдарда гана Арктиканын алабына кирген атлантикалык жылуу агымдын таасиринен суунун темп-расы 2,5°Сди түзөт. Кышында муз катмарынын астындагы суусунун темп-расы –1,5...–1,7°С; жайында деңиздин үстүнкү катмарындагы муз арасында темп-ра бир аз гана жогору болот; ал эми муздан арылган түш.-батыш бөлүгүндө 6°Сге чейин жылыйт, түндүгүндө 2°С. Деңизге Обь, Эне-Сай, Пясина, Пур, Таз д. жы[illegible]на 1300 *км*³ суу алып келгендиктен ж-а жа[illegible]да муздун эришинен анын үстүнкү катмар[illegible]ын суусу кыйла тузсузданат. Деңизге дарыя[illegible] куйган жерлерде К. д-нде 160 *см* калыңды[illegible]гы тузсуз суу катмарын пайда кылышы мүмк[illegible] бул болсо дүйнө деңиздеринин ичинен эң [illegible]огорку көрсөткүч (Дүйнөлүк океанда бул көрсөткүчтүн орт. өлчөмү 10 *см*ди гана түзөт). Туздуулугу дарыя чаттарына жакын 10–12‰, түндүгүндө 33‰ге чейин. Ташкын суткасына 2 жолу (бийикт. 1 *м*ге чейин) болот. Балык (треска, сига, чабак, камбала) кармалат. К. д. *Түндүк деңиз жолунун* бир бөлүгү. Порттору: Диксон, Амдерма; Дудинка ж-а Игарка (Эне-Сайда). Деңиз кемелери Эне-Сай м-н Дудинка, Игарка ш-на чейин жете алат. Деңиз акваториясынын жалпы экол. абалы негизинен канааттандырарлык, бирок ири булуңдарда, деңиз флоту топтолгон ж-а кен казып алынган жерлерде нефть продуктуларынын ж-а оор металлдардын калдыктарынын ашыкчалыгы байкалат.

Ад.: Советская Арктика. Моря и острова Северного Ледовитого океана. М., 1970; *Залогин Б. С., Косарев А. Н.* Моря. М., 1999; Геология и полезные ископаемые шельфов России /Под. ред. М. Н. Алексеева. М., 2002; *Мазарович А. О.* Строение дна Мирового океана и окраинных морей России. М., 2006.

Ы. Токторова.

КАРА́КАС – Венесуэла Респ-нын борбору. Өз алдынча Федерация округу адм. бирдикти түзөт. Өлкөнүн түндүгүндө, Каракас өрөөнүндө, Кариб Анд тоолорунун ички бөлүгүндө, деңиз деңг. 900 *м* бийиктикте, Кариб деңизинин жээгинен 13–14 *км* алыстыкта жайгашкан. Калкы 2,0 млн (2009; шаар агломерациясында 4,2 млн). Маанилүү жолдор тоому. К-ка жакын Майкетия эл аралык аэропорту орун алган. Метрополитен иштейт. Автомобиль жолдору аркылуу өлкөнүн ири шаарлары (Сьюдад-Боливар ж. б.), Панамерика шоссесинин бир тармагы аркылуу Колумбиянын борбору (Санта-Фе-де-Богота), т. ж. түйүндөрү аркылуу Ла-Гуайра порту м-н байланышат. Климаты нымдуу, субэкватордук. Январдын орт. темп-расы 19°С, июлдуку 21°С. Жылдык жаан-чачыны 820 *мм*.

Испандар тарабынан 1567-ж. негизделген. 1770-жылдан Венесуэла генерал-капитандыгынын, 1830-жылдан көз каранды эмес Венесуэланын борбору. Шаардын арх-расында заманбап курулуштар басымдуу. Борб. П. Боливар аянтында кафедралуу собор (1664–74), Ыйык Роза саат мунарасы, Ыйык Франсиско чиркөөсү алтары м-н, улуттук пантеон (1720) ж-а капитолий (1872–75) сакталган. Ун-т шаарчасы (арх. К. Вильянуев) *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. К. – өлкөнүн башкы финансы борборлорунун бири. Ири банктардын штаб-квартиралары, фонд биржасы, чет өлкөлүк компаниялардын өкүлчүлүктөрү (а. и. ЛУКОЙЛдун ж. б.) жайгашкан. NIVEA маркасындагы парфюмерия-косметика каражаттары чыгарылат. Жыгаччылык, целлюлоза-кагаз, тамак-аш, текстиль, булгаары-бут кийим ө. ж. өнүккөн. Шаардын четинде автомобиль чогултуучу итал. FIAT компаниясы иштейт. ИАлар (Венесуэла тил, 1883; улуттук тарых, 1888; мед., 1904; физика, математика ж-а табигый, 1917; саясат ж-а социалдык), ИИИлер, ири ЖОЖдор (а. и. Венесуэла ж-а С. *Боливар* атн. ун-ттер, Жогорку мед. мектеби, пед. ин-т ж. б.), музыка ж-а иск-во коллеждери, улуттук (1883) ж-а калк китепканалары, улуттук архив (1910), музейлер (а. и. илим, археология, Венесуэла куштарынын коллекциясы ж. б.), С. *Боливардын* үй-музейи, сүрөт галереясы, театрлар («Антенео», драма, балет), филармония, цирк бар. К-да Клавишалуу муз. аспаптардын ири коллекциясы сакталган. Жыл сайын заманбап ж-а көөнө (1954-жылдан) латын амер. музыка фестивалдары өткөрүлөт.



Шаардын жалпы көрүнүшү.

КАРАКАШ КӨРҮСТӨНҮ – б. з. ч. 6–5-к-дагы көчмөн сак урууларынан калган мүрзөлөр. Токтогул р-ндагы Кызыл-Туу айылынын жанында жайгашкан. 10дон ашуун дөбө-мүрзөдөн турат. Мүрзөлөрдү казганда чопо идиштер, кийимге кадалуучу алтын каңылтырлар ж. б. табылган. Мүрзөлөрдүн бийикт. 4–6 *м*, диаметри 35–45 *м*ге жеткен. Айрымдарынын үстүндөгү дөбө үчүн 2000 *м*³ топурак, 1000 *м*³ таш, 6–7 *м*³ арча жумшалган.

КАРАКЕ – Ош обл-нун Ноокат р-нундагы кыштак. Т. Зулпуев атн. айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1400 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ноокат ш-нан 5 *км* чыгыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 47 *км*. Калкы 1267 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет.

КАРАКЕЕВ Курман-Гали [7. 11. 1913-ж. т., Жети-Суу обл., Пржевальск уезди, Күрмөнтү кыш. (азыркы Ысык-Көл обл. Түп р-ну)] – тарыхчы, мамл. ишмер, тарых илимд. доктору (1970), проф. (1971), Кыргыз ССР ИАнын академиги ж-а президенти (1960), СССР ИАнын корр. мүчөсү (1968). Кыргыз ССРинин илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (1970). Кыргыз ССРинин илимге эмг. син. ишмери (1972). Ысык-Көл а. ч. техникумун (1933), КПСС БКнын алдындагы Жогорку парт. мектепти (1946). Кыргыз мамл. пед. ин-тун (1956), КПСС БКнын алдындагы Коомдук ИАны (1959) бүтүргөн. 1933–34-ж. «Ленинчил жаш» гезитинде бөлүм башчы, редактордун орун басары, 1934–36-ж. ВЛКСМ Кыргыз обкомунда бөлүм башчы, 1938–39-ж. «Коммунист» журналында башкы редактордун орун басары, 1939–44-ж. Кырг-н КП Фрунзе обкомунун үгүт ж-а насыят бөлүм башчысынын орун басары, Тянь-Шань, Ысык-Көл обкомдорунун секретары, 1946–49-ж. «Кызыл Кыргызстан» гезитинин редактору, 1949–52-ж. Кырг-н КП БКнын үгүт-насыят бөлүмүнүн башчысы, 1952–57-ж. Кырг-н КП БКнын секретары, 1960–78-ж. Кыргыз ССР ИАнын президенти, ошол эле учурда Кыргыз Совет энциклопедиясынын Башкы редактору (1968–75), 1978-жылдан Тарых ин-тунда бөлүм башчы, ил. кызматкер. Кырг-нда илимдин өнүгүшүнө, ил. мекемелерди уюштурууда салым кошуп, илим м-н өндүрүштүн байланышын чындоо, жогорку деңгээлдеги адистерди даярдоодо көп эмгек сиңирген. Кырг-н тарыхына арналган 300дөй ил. эмгектин (а. и. 8 монография) автору. «Кыргыз ССР тарыхынын» 5 томдугунун (1986) башкы редактору ж-а авторлорунун бири. Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрагасы (1952–56). Кыргыз ССР Жогорку Советинин (1947–63), СССР Жогорку Советинин (1962–79) депутаты. Ленин, Октябрь Революциясы, 4 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.



Эмг.: Из истории культурного строительства в Киргизстане. Ф., 1968; Ленин и развитие науки Советского Киргизстана. Ф., 1969; Академия наук Киргизской ССР. Ф., 1974; *Каракеев К. К.* Великой Октябрь и наука Киргизстана. Ф., 1977.

КАРАКЕЕВ Туйту Жусупович (25. 6. 1938, азыркы Чүй обл., Чүй р-ну, Кош-Коргон айылы – 5. 8. 1988, ошол эле жер) – философ, философия илимд. доктору (1979), проф. (1986). КМУну (1960), ИАнын аспирантурасын (1970) бүткөн. 1960–63-ж. Нарын обл-нун Кочкор р-нундагы Кара-Кужур жатак-мектебинин мугалими, 1963–68-ж. Чүй р-нунун Кош-Коргон, Кара-Дөбө мектептеринин директору, 1968–75-ж. Кыргыз ССР ИАнын Философия ж-а укук ин-тунда кенже ил. кызматкер, 1975–86-ж. улук ил. кызматкер, сектор башчысы, 1986–88-ж. Тарыхый материализм ж-а ил. коммунизм бөлүмүнүн башчысы, 1988-ж. Философия ж-а укук ин-тунда директор болуп иштеген. Социалык философия тармагындагы ири адис. 100дөн ашуун ил. эмгектин (а. и. 9 монография) автору. Кош-Коргон орто мектебине анын ысмы берилгарылган.

Эмг.: Рухий турмуштун айрык[illegible]гдайлары. Ф., 1971. Семантические аспекты диал[illegible]ики социального развития (цивилизация и ее от[illegible]жение в общественном сознании). Ф., 1978; Дин[illegible]тика развития духовного потенциала советского об[illegible]ства. Ф., 1984.

КАРА-КЕРМЕ МӨҢГҮСҮ – Какшаал кырка тоосунун түн. капталындагы ороон гибиндеги ири мөңгү. Уз. 11,6 *км*, аянты 27,3 *км*². Мүдүрүм суусунун алабында жайгашкан. Мөңгүнүн башы дениз деңг. 5840 *м*, этеги 3840 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4360 *м*. Абляциясынын аянты 6,4 *км*². Куралуу аймагы кенен, үч зор мөңгүнүн кошулушунан түзүлгөн. Алардын «тилдери» ортонку мореналар м-н болүнүп, ороон б-ча 6 *км*ге созулат. Этегинен 35–40 *м* төмөн жаны «этек морена» жатат. Мөңгүдөн Мүдүрүмдүн сол куймасы – Кара-Керме суусу башталат.

КАРА-КЕЧЕ – Жумгал суусунун сол куймасы. Уз. 45 *км*, алабынын аянты 184 *км*². Молдо-Тоонун түн. капталынан башталып, түндүктү карай агат да, Жумгалга жетпей сугатка болүнүп кетет. Жогорку агымында ороону куушураак, төмөндөгөн сайын кенийт. Чатында салааларга болүнүп, саздуу. Жылдык орт. чыгым 1,1–1,5 *м*³/*сек*, эң көбү июнь–июлда, азы декабрь–январда байкалат. Май айында кирип, сентябрда тартылат.

КАРА-КЕЧЕ КӨМҮР КЕНИ Нарын обл-нун Жумгал р-нунда, Чаек кыш-нан 25–30 *км* түш. тарапта, Кара-Кече өрөөнүндө, Кабак көмүр бассейнинин чыгышында. Кен байыртан белгилүү. 1930–32-ж. геол. картасы түзүлүп, 1948–51-ж. ж-а 1956–58-ж. чалгындалган. Көмүр кабаттары юра катмарынын астыңкы болүгү м-н байланышкан. Кендин негизги кабаты ө. ж-лык маанияге ээ. Анын калыңдыгы 1,15 *м*ден 94,22 *м*ге чейин. Кабаттын жукарышы чыгыш тарапка ж-а терендеген сайын байкалат. «Татаал» кабаты өтө өзгөрмөлүү, анын калыңдыгы 0,30–36,4 *м*. Сапаты ж-а технол. касиети б-ча үчүнчү күрөң (3Б) көмүр маркасына кирет. Көмүрдүн орт. күлдүүлүгү 11,3%, орт. күйүү жылуулугу 28,89 *МДж/кг* (6902 *ккал/кг*). Жер үстүнөн ачык казып алууга жарамдуу. Бекитилген ж-а 1997-жылга карата эсептелген запасы $B+C_1$ категориясы б-ча 191582 миң *т*, жер астынан шахта м-н казып алууга жарамдуу запасы $B+C_1$ категориясы б-ча 118443 миң *т*.

КАРА-КЕЧЕ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ – дарылык касиети бар минералдуу суу булактары. Нарын обл-нун Жумгал р-нунда, Чаек кыш-нан 40 *км* түш. тарапта, Кара-Кече суусунун оң куймасы – Катран-Сайдын боюнда, дениз деңг. 3100 *м* бийикте. 1947-ж. табылып, 1960–66-ж. изилденген. Булактар карбон мезгилиндеги акиташтан ж-а юранын көмүрлүү чопосунун чегиндеги тектон. жаракаларда[illegible]агып чыгат. К.-К. м. с. көмүр кычкыл газдуу, [illegible]үзүз, аз минералдашкан муздак сууларга ки[illegible]. Суу тунук, жытсыз, газдуу, даамы кычкыл[illegible]ын-расы 3–4°С. Булактардын дебити 0,35–0,[illegible]/*сек*дан 1,0–1,5 *л*/*сек*га чейин. Хим. курам[illegible]б-ча гидрокарбонат-сульфат-кальций-магний[illegible]үү. Эриген түрүндөгү CO_2нин өлчөмү 1568–23[illegible] *мг*/*л*. Жалпы минералданышы 2,6480 *г*/*л*, кургак калдыгы 1,8110 *г*/*л*. Суунун дарылык касиети Кавказдагы көмүр кычкыл газдуу нарзан сууларынан кем эмес. Сууну жерг. эл ичеги-карын, ашказан ооруларын дарылоо үчүн пайдаланат.

КАРА КОЙЛУУЛАР (түркчө – кара-коюнлу; туусундагы кара кой сүротүнөн аталган) – 14–15-к-да Ван көлүнүн түш. аймагын мекендеген огуз-түрк урууларынын бирикмеси ж-а ошол бирикме түзгөн мамлекеттин аталышы. К. к. уруулары адегенде Осмондор м-н Жалайирлерди колдоп, жардам берген. Тимур өлгөндөн (1405) кийин, К. к. Тимур тукумдарына, алардын союздашы Ак койлууларга ж-а Жалайирлерге каршы согушуп, Жалайирлерди ойрондоткон. Азербайжан, Ирак, Арменияны каратып, 1410-ж. К. к. мамлекетин негиздеген. Бирок К. к. 1435-ж. Тимур тукумдарынан ж-а Ширван-шахтар аскеринен женилип, Тимур тукумдарына күнкор болгон. Тимур тукумдарынын султаны Шахрух өлгөн (1447) соң, К. к. өздөрүн көз карандысыз деп жарыялап, 1453–57-ж. Батыш Иранды басып алган. 1467-ж. Ак койлуулар К. к. мамлекетин талкалап, 1468-ж. каратып алышкан.

КАРА-КОКТУ – Ош обл-нун Ноокат р-нундагы кыштак. Чечме-Сай айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1090 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ноокат ш-нан 8 *км* түн. тарапта. Ош т. ж. бекетинен 48 *км*. Кыштак 1935-ж. негизделген. Калкы 1001 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет.

КАРАКОЛ – Ак-Суу р-нунун аймагы аркылуу аккан суу. Тескей Ала-Тоонун түн. капталынан башталып, Ысык-Көлгө куят. Уз. 50 *км*, алабынын аянты 394 *км*². Башталышында мөңгүлүү, ортонку бөлүгүндө карагайлуу капчыгай, аягында кенен түздүк аркылуу агат. Негизги куймасы – Кашка-Суу. Мындан тышкары алабында жалпы уз. 93 *км* келген 27 куймасы, жалпы аянты 0,99 *км*² болгон 4 көл бар. Алардын эң чону Ала-Көл (аянты 0,84 *км*²). Көп жылдык орт. чыгымы 6,60 *м*³/*сек*; эң көбү 57,6 *м*³/*сек*, эң азы 0,38 *м*³/*сек*. Апрелдин аягында көбөйө баштап, июль–августта кирет, сентябрдын



Каракол суусунун ортонку агымы.

аягында тартылат. Сугатка кеңири пайдаланылып, айыл-кыштактарды суу м-н камсыз кылат. Боюнан Каракол ш., Челпек, Бөрү-Баш, Бурма-Суу ж. б. кыш. орун алган.

КАРАКОЛ – Ички Тенир-Тоодогу суу, Чоң Нарындын сол куймасы. Жогорку Нарын тектон. ойдунунун батыш жагында. Нарын р-нунун аймагы аркылуу агат. Уз. 51 *км*, алабынын аянты 585 *км*². Борколдой ж-а Чоң Үзөңгү-Кууш (Кум-Бел) тоолорунун аралыгында жаткан Жагалмай мөңгүсүнөн башталып, Келин-Тайгак суусуна чейин Жагалмай деп аталат. Баш жагында ороону кенен (0,4–0,8 *км*), ортонку бөлүгү бийик кашаттуу (7 кашат), төмөнкү агымы капчыгайлуу (0,1–0,2 *км*). Май – июнь айларында суусу кирип, сентябрда тартылат. Ири куймалары: Аңуу-Чакыр-Корум, Туюк-Чакыр-Корум (он), Келин-Тайгак, Жайык, Беш-Кашат (сол).

КАРАКОЛ – Талас д-нын оң куймасы. Талас р-нунун аймагы аркылуу агат. Уз. 100 *км*, алабынын аянты 1160 *км*². Кыргыз ж-а Талас Ала-Тоолорунун кошулган жеринен башталат. Ири куймалары: Жар-Таш, Кум-Бел, Талды-Булак, о. эле ондогон майда куймалары, алабында бир нече майда көл бар. Жылдык орт. чыгымы 7,64 *м*³/*сек*; эң көбү 33,9 *м*³/*сек*, эң азы 0,95 *м*³/*сек*. Апрелдин аягында кирип, сентябрда тартыла баштайт. Сугатка пайдаланылып, бир нече каналга болүнөт. Жээгинен Көпүрө-Базар, Арал, Чат-Базар кыш. орун алган.

КАРАКОЛ, Батыш Каракол – Ички Тенир-Тоодогу суу, Көкомерендин сол куймасы. Жайыл, Жумгал р-ндору аркылуу агат. Уз. 89 *км*, алабынын аянты 1230 *км*². Кыргыз Ала-Тоосу м-н Карагатты тоосунун кошулган жеринен башталып, анча кууш эмес ороон аркылуу агат. Негизги куймалары: Туюк-Ала-Арча, Сөөк, Ашуу-Ала-Арча, Шили-Суу, Сокулук, Чаар-Таш ж. б. Майда куймалары көп. Жылдык орт. чыгымы 19,7 *м*³/*сек*; эң көбү 56,9 *м*³/*сек*, эң азы 7,03 *м*³/*сек*. Май айында кирип, сентябрда тартылат. Боюнан Кожомкул ат[illegible]. кыш. орун алган.

КАРАКОЛ, Чыгыш Каракол – Кочкор суусунун башаты. Кочкор р-нунун аймагында. Уз. 51 *км*, алабынын аянты 533 *км*². Кыргыз Ала-Тоосунун түш. капталынан башталып, кууш тепши сымал капчыгай ж-а өрөөн аркылуу агат. Ири куймалары: Корумду, Үч-Куулук, Ийри-Суу. Булардан башка 30дан ашык майда куймасы ж-а алабында чакан (аянты 0,01 *км*²) көл бар. Жылдык орт. чыгымы 4,76 *м*³/*сек*; эң көбү 63,6 *м*³/*сек*, эң азы 0,16 *м*³/*сек*. Апрелдин аягында кире баштап, сентябрда тартылат. Сугатка пайдаланылат. Сол жээгинен Дөң-Алыш, Кара-Мойнок кыш. орун алган.

КАРАКОЛ – Ысык-Көл обл-нун Ак-Суу р-нундагы кыштак. Каракол айыл округуна караштуу. Жыргалаң суусунун төм. агымынын оң жээгинде, дениз деңг. 1740 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Каракол ш-нан 26 *км* түн. тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 220 *км*. Калкы 1676 (2007); мал м-н алектенип, тоют өсүмдүктөрүн өстүрөт. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү, оорукана, дарыкана бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү, үй-бүлөлүк врачтар тобу иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КАРАКОЛ (1889–1920- ж-а 1939–91-ж. Пржевальск) – шаар, Ысык-Көл обл-нун борбору. Ысык-Көл ойдуңунун чыгыш бөлүгүндө, Тескей Ала-Тоонун түн. этегинде, Каракол суусунун боюнда, дениз деңг. 1690–1825 *м* бийикте жайгашкан. Республиканын борбору Бишкектен 386 *км* чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 219 *км* (автомобиль жолу б-ча; көл аркылуу 184 *км*). Калкы 66,3 миң (2009). Шаардын курамына *Жыргалаң* ж-а *Пристань-Пржевальск* шаарчалары кирет.

Азыркы шаар жайгашкан жерде эл байыртадан эле отурукташканын ар түрдүү археол. табылгалар айгинелейт. Алар – Челпек ж-а Каракол тарыхый буюм-тайымдары, аэропорттун айланасында жайгашкан ташка чегилген сүрөттөр ж-а сак-усундардын мезгилиндеги көрүстөндөр. Каракол ш. 1869-ж. 1-июлда падышалык бийлик тарабынан эски кербен жолунун боюнда (шаар аркылуу *Улуу жибек жолу*нун бир тармагы өткөн) негизделген. Ошол эле жылы 2-июлда шаардын негизги көчөлөрү, аянттары, соода жайлары пландаштырылып, казарма жайгаштырылган. Шаарга Ак-Суу чебинен гарнизон көчүп келип (мурда Ысык-Көл уездинин башкаруу борбору болгон), жаңы аскер чеби Каракол деп аталып, уезддин борборуна айланган. 1869-жылдын аягы – 1870-жылдын башында 12 менчик үй, 50 майда дүкөн болгон. К-до 1872-ж. Ташкенттен ж-а Түркстандын [illegible]ка шаарларынан келишкен 150 адам (көбү [illegible]атар, өзбек) жашаган. 1887-жылкы жер ти[illegible]өдөн майда көп имараттар кыйрап, кийин [illegible]ар Каракол суусун өрдөй курулган. Каракол [illegible]. рев-яга чейин Кырг-ндагы белгилүү шаарлардын бири болгон. 1870-ж. 50дөн ашык дүкөн иштеп, 1872-ж. 150дөй киши жашаса, 1897-ж. карата жашоочулардын саны 8 миң, 1939-ж. 21 миңге жеткен. Борб. Азияга жасаган 5-саякаты учурунда 1888-ж. 20-октябрда орус саякатчысы, географ Н. М. *Пржевальский* дүйнөдөн кайтып, сөөгү шаарга жакын, Ысык-Көлдүн жээгине коюлган. Падышанын 1889-ж. 11-марттагы жарлыгы м-н К. ш. Пржевальск деп аталып, 1908-ж. 19-мартта ал шаардын герби бекитилген ж-а ал герб бир эле убакта уезддик болуп эсептелген. Анда алгачкы метеостанция (Я. И. Корольков 1881-ж. негиздеген) ж-а китепкана (1905) иштеген. Биринчи журнал («Пржевальский сельский хозяин», 1913-жылдан) чыккан. 1918-ж. К. ш-нда 7 мектеп, аялдар гимназиясы, эркектер окуу жайы, интернат, 4 медресе ж-а ар түрдүү уюмдар иштеген. Орус ж-а чет өлкөлүк саякатчылардын Азияны изилдөөчү базасы болгон.

Шаар жайгашкан аймактын рельефи негизинен түз, көл тарапка бир аз жантайыңкы. Шаардын түш. тарабындагы күдүрлүү түздүктөрдү эгилме өсүмдүктөр ж-а шалбаа ээлейт. Түштүгүнөн чыга бериште Каракол капчыгайы башталат. Анын капталдарында шалбаа ж-а карагайлуу токой өсөт. Климаты континенттик, кышы жумшак, жайы жылуу. Жылдык орт. темп-расы 5°С, январдыкы –6°С, июлдуку 18°С. Жылдык жаанчачыны 350–450 *мм*.

Калкы көп улуттуу; кыргыз (54,4%), орус (26,8%), өзбек (3,8%), уйгур (3,6%), татар (2,1%), о. эле дунган, украин, калмак, казак, немис ж. б. улуттар да жашайт.

К. – облустун маданий ж-а ө. ж. борбору. Негизинен тамак-аш, жеңил ө. ж. жана энергетикалык машина куруу өнүккөн. Алар: «Төштүк» (эт комбинаты), «Ак-Булак» АК, сүт, нан («Сейил») з-ддору, пиво кайнатуу ж-а спирт өндүрүшү; жеңил 2 кичи ишкана («Бугу эне» тигүү ж-а бут кийим ф-калары) иштейт. Машина куруу тармагындагы 3 ишкананын базасында биргелешкен «Улан» ж-а «Ысык-Көл электро» АКлары түзүлгөн. Негизинен электр-тех. буюмдарды (электр плиткалары ж. б.) чыгарат. «Темир-Бетон» ж-а «Каракол-Таш» АКлары курулуш иштерин аткарат. Шаардын түн.-чыгышында дениз деңг. 1700 *м* бийикте жайгашкан аэропорт бар.

Каракол автобекети.



Шаарда К. Тыныстанов атн. Ысык-Көл мамл. ун-ти, Ж. Алышбаев атн. Кооперация ин-ту, Москва ишкердик ж-а укук ин-тунун Каракол филиалы, 2 кесиптик-тех. окуу жайы, 4 техникум, 14 жалпы билим берүүчү (а. и. лицей ж-а гимназия) ж-а муз. мектеп, 16 мектепке чейинки балдар мек[illegible]еси бар. Драма театр, край таануу музейи, 5[illegible]уб, 20 китепкана, 2 кинотеатр, 12 кино койгу[illegible]оруканалар, кургак учук диспансери, тиш[illegible]ылоочу 2 бейтапкана, санитария-эпидеми[illegible]танция, 3 үй-бүлөлүк врачтар тобу, турмуш[illegible]ричилик кызматынын бөлүмдөрү, базар, [illegible]торан, кафе-барлар, тамактануу жайлары [illegible]штейт. Шаарда В. И. Ленинге, Ю. Фучикке, басмачыларга каршы күрөштө курман болгон чек арачыларга, Н. М. Пржевальскийге, К. *Тыныстанов* м-н Х. *Карасев*ге эстелик тургузулган. Жыгачтан салынган мусулман мечити, чиркөө ж. б. тарыхый ж-а маданий эстеликтер сакталган. Көптөгөн үйлөр, тарыхый имараттар коргоого алынган. Белгилүү адамдар жашаган үйлөргө такталар орнотулган. Белгилүү тилчи, академик Х. *Карасаев*дин музейи уюштурулган.



Каракол шаары. К. Тыныстанов менен К. Карасаевдин эстелиги.

КАРАКОЛ КЕНЧИ I 1884-ж. Караколдон табылган. Кенч коло дооруна тиешелүү төрт буюмдан турган: бычак, көзөөч, шынаа сымал көлөмдөгү уңгусу жок керки ж-а көзөөч сымал керки. Көзөөч сымал керкинин жасалыш ыкмасы жогорудагы куралдардан кескин айырмаланып, Болгария м-н Румыниянын чек арасында жайгашкан Гумельница энеолит мад-тынын буюмдарына жакын. Болжолу бул буюм К. к-не соода байланышы аркылуу кошулуп калган болуу керек. К. к. Москва ун-тинин антропология музейинде сакталууда.

КАРАКОЛ КЕНЧИ II Ысык-Көлдүн түш.-чыгыш тарабындагы Каракол айылынын жанынан 1976-ж. табылган. Кенч соңку коло доору ж-а эрте темир дооруна тиешелүү беш канжардан турат. Канжарлардын уз. 29,5 *см*, туурасы 5,2 *см*. Кээсинин сабынын башында жылкынын, койдун сөлөкөттөрү түшүрүлгөн. Ар түрдүү калыпта куюлуп, көлөмдөрү бири-биринен айырмаланганы м-н негизги жасоо ыкмалары, саптарынын башында жаныбарлардын келбеттеринин түшүрүлүшү б-ча бир устанын колунан чыккандыгын далилдеп турат. Археолог Д. Ф. Винник, Е. Е. Кузьмина жылкынын ж-а койдун келбеттеринин түшүрүлүшүн коло доорундагы элдердин мифологиясында, фольклорунда бул жаныбарлардын кеңири тарашы м-н байланыштырышат.

КАРАКОЛ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ – дарылануугa ж-а ичүүгө жарамдуу муздак суу булагы. Нарын обл-нун Ат-Башы р-нунда, Казыбек кыш-нан 65–70 *км* түш.-батышта. Какшаал кырка тоосунун түн. этегинде, Арпа ж-а Каракол (чыгыш) сууларынын кошулган жеринде. Дениз деңг. 3200 *м* бийикте. Суу жерг. элге илгертен белгилүү. 1932-ж. геол. маалымат берилген. Кен аймагын палеозой м-н мезозойдо пайда болгон кумдук, чопо, сланец, акиташ тектери түзөт. Минералдуу булак юранын карбонаттуу кумдук, акиташ тектериндеги тектон. жаракадан агып чыгат. Суу тунук, көмүр кычкыл газдуу, бир аз туз даамданат. Темир гидрооксиди басымдуу болгондуктан, булак агып чыккан жердеги тектерде саргыч күрөң дат кездешет. Темп-расы 6°С. Курамы гидрокарбонат-сульфат-кальций-магнийлүү. Дебити 5 *л/сек*. Бөйрөк, боор, ичеги-карын ооруларын дарыласа болот.

КАРАКОЛ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ – Ош ж-а Нарын обл-нын чек арасындагы көмүр кычкыл газдуу минералдуу муздак суу булактары. Фергана тоо тизмегинин батыш ж-а чыгыш капталдарында. Булактардын жер астынан агып чыгып, газ бөлүп турушу жерг. элге илгертеден белгилүү болсо да, геол. изилдөө 1951-ж. жүргүзүлгөн. Булактар тоонун эки капталында болгондуктан, алар Батыш Каракол ж-а Чыгыш Каракол деп аталат. Батыш Каракол Ош ш-нан 150 *км* чыгыш тарапта, Кара-Кулжа өрөөнүнүн батыш жагындагы Каракол суусунун оң өйүзүндө, дениз деңг. 3100 *м* бийикте. Мында юра мезгилиндеги алевролит м-н кумдук катмарлары антиклиналь бүктөлүүсүн түзүп жатат. Суу бүктөлүүнүн оң канатынан булак түрүндө жер бетине чыгат. Чыгыш Каракол Ат-Башы кыш-нан 115 *км* түш.-батыш тарапта, Арпа суусунун сол куймасы Караколдун боюнда, дениз деңг. 3250 *м* бийикте. Мында силур мезгилиндеги мраморлошкон акиташ тектери синклиналь бүктөлүүсүн түзөт. Суу бүктөлүүнүн борб. бөлүгүндөгү тектон. жарака аркылуу, шагыл таштардын арасынан жер бетине булак түрүндө агып чыгат. Булактардын дебити 0,4–5 *л/сек*. Хим. курамы ж-а физ. касиеттери б-ча бул эки булак бири-биринен көп айыр-

маланбайт. Суусу муздак (5–9°), тузсуз, жытсыз, даамы кычкыл (pH 6,5) келип, курамы гидро-карбонат-кальций-магнийлүү. Жалпы минералдашы 0,91–1,16 *мг/л*. Суудан көмүр кычкыл газы бөлүнүп турат. Анын эриндисинин суудагы өлчөмү 560–916 *мг/л* (Батыш Каракол), 360–963 *мг/л* (Чыгыш Каракол). Минералданышы, хим. ж-а газдык курамы б-ча Батыш Каракол Кавказдагы белгилүү «Боржомиге» (Екатаран булагы) жакын, Чыгыш Каракол нарзан сууларына кирет. *К. Кожобаев.*

КАРАКОЛ МУЗЫКАЛЫК ОКУУ ЖАЙЫ Ы. Туманов атн. 1976-ж. ачылган. Окуу жайынан фортепьяно, элдик кылдуу чертме, тартма, үйлөмө, урма аспаптар, ырдоо, хор дирижёру, музыканын теориясы, эстрада б-ча адистикке ээ болушат. 1994-ж. Ы. *Тумановдун* ысмы берилген. Окуу жайын бүткөндөрдүн көбү Кыргыз улуттук консерваториясынан, Б. Бейшеналиева атн. КМИИден окуусун улантат. Окуу жайы ачылгандан бери 1 миң 500дөн ашуун оңөрпоз бүтүрдү (2008), а. и. КРдин эл арт. Т. Жакшылыков, артисттер Д. Акулова, Р. Абдувалиева, Н. Орозалиева, У. Тилегенов, Кенеш уулу Эрдик, Т. Керимбеков ж. б. бар. Окуу жайынын алдында хор, эл аспаптар оркестри, фольклордук ж. б. ансамблдер уюшулган.

КАРАКОЛ ОФИКАЛЬЦИТ КЕНИ, А к - Т а ш к е н и, Талас р-нунда, Коммунизм кыш-нан 17 *км* чыгышта, Кыргыз Ала-Тоосунун Каракол ж-а Кен-Таш сууларынын кошулган жеринде. Кен аймагында протерозойдогу мрамор теги м-н ордовик мезгилинин аягында жиреп чыккан гранит порфир интрузиясы жатат. Мрамор интрузия чегинде метаморфизмделип, кооз ташка (офикальцитке) ж-а серпентинитке айланган. Офикальцит кооздугу б-ча 3 түргө бөлүнөт: 1) бир өңчөй жашыл, саргыч, кооз чиймеленген мрамор. Ал кальцит бүртүкчөлөрүнөн түзүлүп, арасында тегерек, сүйрү серпентин жолугат. Пайдалуу катмардын 40% ин түзөт. Блоктуулугу 0,4×0,4×0,3 *м*; 2) күрөң жашыл, саргыч жашыл, боз, ак, жол-жол темгилденген офикальцит. Пайдалуу катмардын 10% ин түзөт. Блоктуулугу 0,3×0,3×0,2 *м*; 3) ник, каралжын жашыл түстөгү серпентин. Ал кичине аянтта (5 $м^2$ге чейин) бардык жерде кездешет. Блоктун орт. өлчөмү 9 $м^3$. Бардык түрү күзгүдөй жакшы сайкалданат. Запасы 400 миң $м^3$дан ашат. Майда кооз буюмдарды жасоого болот.

КАРАКОЛ ӨРӨӨНҮ Кыргыз Ала-Тоосу ж-а аның тармактары Орто-Тоо, Бакай-Таш, Кошой-Таш тоолорунун аралыгында, Талас р-нунун аймагында. Каракол суусунун агымы м-н кеңдик багытында 99 *км*ге созулат. Туурасы 7 *км*. Өрөөн деңиз деңг. 1600–3000 *м* бийикте жатат. Курчап жаткан тоолордун чокулары өрөөндүн таманынан 1300–1600 *м* которунку жатат. Өрөөндүн башы кууш капчыгай, Орто-Тоо м-н



Өрөөндөгү Көпүрө-Базар кыштагы. Арткы планда Кыргыз Ала-Тоосу.

Бакай-Таштын аралыгында 10–12 *км*ге кенийт, андан ары батышка карай бир аз куушташ, аяк жагында кайра кеңейип, Талас өрөөнүнө чыгат. Өрөөндүн таманы төртүнчүлүк мезгилдин кум, шагыл, чопо шилендилеринен, тоо капталдары ортоңку палеозойдун андезиттүү ж-а базальттуу порфирит, туф ж. б. тектеринен турат. Климаты мелүүн континенттик; июлдун орт. темп-расы 13–14°С, январдыкы −1...−8°С, жылдык жаанчачыны 300–450 *мм*. Өрөөндүн таманына талаа ж-а шалбаалуу талаа, жайылмаларда шалбаалуу токой, тоо капталдарына талаа (2700 *м*ге чейин), шалбаалуу талаа ж-а шалбаалуу токой (2700–3000 *м*), субальп ж-а альп шалбаасы, шалбаалуу талаа (3500 *м*ге чейин), андан жогору нивалдык-гляциалдык ландшафт зоналары мүнөздүү. Жайыт, чабынды, батышы айдоо катары пайдаланылат. Өрөөндө Талас р-нунун Көпүрө-Базар, Арал, Үч-Эмчек кыш. жайгашкан.

КАРАКОЛ ӨРӨӨНҮ Түн. Теңир-Тоодо, Тескей Ала-Тоонун түн. капталында, Каракол суусу аккан багыт б-ча түштүктөн түндүккө карай 35 *км*ге созулат. Ак-Суу ж-а Түп р-ндорунун аймагында. Таманынын жазы жери 3–4 *км* (Каракол ш-нын түштүгүндө), кууш жери 700–1000 *м*, таманынын басымдуу бийикт. 2300–2700 *м*. Өрөөн байыркы мөңгүнүн аракетинен

Өрөөндүн ландшафты. Арткы планда Тескей Ала-Тоо.



пайда болгон. Өрөөндүн башы тепши сымал, анда ири мөңгүлөр бар. Караколдун ортоңку ж-а төмөнкү бөлүгү кууш, капталдары бир аз жантайыңкы капчыгайды түзөт; тоо капталдарында ири карагай токойлору кездешет. Өрөөндүн ландшафтында шалбаалуу талаа, бийик чөптүү шалбаа алкактары басымдуу. Өрөөндүн тоодон чыга беришинде Каракол ш. орун алган. Жайыт; ил. ж-а рекреациялык мааниси чоң.

КАРАКОЛ-ТӨР МӨҢГҮСҮ – Борб. Теңир-Тоодогу татаал өрөөнүнүн тибиндеги мөңгү. Тескей Ала-Тоонун эң бийик чокусу Караколдун түш. капталынан орун алган. Көөлү суусунун алабында. Уз. 8 *км*, аянты 3,1 $км^2$. Мөңгүнүн башы деңиз деңг. 5000 *м*, ж[illegible]н 3780 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийик[illegible] 4390 *м*. Абляциясынын аянты 3,5 $км^2$. 19[illegible]60-ж. 2,1 *км*ге тартылган, музу жукарып, тарм[illegible]ктарынан ажыроодо. Мөңгүдөн Көөлү суусунун сол куймасы Каракол-Төр суусу агып чыгат.

КАРАКОЛ УЛУТТУК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫ Тескей Ала-Тоонун түн. капталында, Ысык-Көл өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Ак-Суу р-нунун аймагында. 1997-ж. Каракол капчыгайынын ажайып табиятын коргоо максатында уюшулган. Аянты 38256 *га*. Негизги максаты: Түн.-Чыгыш Кырг-нга мүнөздүү болгон өсүмдүктөр м-н жаныбарлар дүйнөсүн коргоо, табигый сакталышына ж-а калыбына келишине, о. эле ал жерде калктын ж-а чет элдик туристтердин эс алуусуна шарт түзүү. Өсүмдүктөр дүйнөсү 700 түрдөн туруп, а. и. 80 дарак-бадал өсүмдүктөрү өсөт. Жаныбарлары: элик, түлкү, суусар, арыс, тоо эчки ж. б., мындан сырткары Кырг-ндын Кызыл китебине кирген илбирс, кумай, ителги, кок жору, бүркүт кездешет. Парктын кооз түрдүү ландшафты туристтерди ж-а эс алуучуларды өзүнө тартат.

КАРАКОЛ ЧОКУСУ – Тескей Ала-Тоонун эң бийик жери. Каракол ш-нан 48 *км* түш. тарапта. Бийикт. 5280 *м*. Шуштугуй, түн. ж-а түш. тарапка салаалынган кырлар кетет. Муздук м-н капталган. Мөңгүлөрү: Каракол, Айланыш, Чыгыш Кичи Борду, Оң-Тор, Чоң Борду, Кол-

Тескей Ала-Тоонун эң бийик жери – Каракол чокусу.



Тор. Каракол мөңгүсүнөн Каракол суусу башталат. К. ч-на алгачкы чыккандар: Н. Попов, Г. Белоглазов, В. Рацек, К. Байгазинов (1937-ж. 3-август).

КАРАКОЛ ЧОПО КЕНИ Ысык-Көл обл-нун Ак-Суу р-нунда, Челпек кыш-нан 3 *км* түштүктө, Каракол суусунун сол жээгинде, деңиз деңг. 1800–2000 *м* бийикте. 1987–91-ж. «Кыргызкурулушматериалдары» концернинин Тоо-геол. партиясы чалгындаган. Кен аянты калың дыгы 1,7–20 *м* келген төртүнчүлүк мезгилиндеги кумайлуу чопо катмарынан турат. Кумайлуу чопо саргыч-боз түстө, тыгыздыгы жетишерлик гипстешкен. «100», «125» маркадагы кыш алууга жарамдуу. Запасы В категориясы б-ча 582 миң $м^3$, $С_1$ – 2107 миң $м^3$.

КАРА-КОРУМ – байыркы моңгол мамлекетинин борбор шаары. Орхон д-нын баш жагында жайгашкан. 1220-ж. Чыңгыз хан негиздеген. 1260-жылга чейин империянын борбору болгон. Моңгол хандарынын өз ара чабышынан көп жолу кыйраган. Юань династиясы кулаган (1380) соң, шаар катуу бүлүнгөн. 16-к-да ээн калган. К.-К-дун жайгашкан жерин 1889-ж. Н. М. Ядринцев аныктаган. Академик В. В. Радлов жетектеген экспедиция шаардын планын алгач кагазга түшүргөн. 1948–49-ж. СССР ИАнын корр. мүчөсү С. В. Киселёв башкарган сов. – моңголдук, 2000-жылдан моңголдук-германиялык экспедиция казуу жумуштарын жүргүзгөн. Угэдэйдин ак сарайынын калдыктары ж. б. сакталган.

Ад.: Древнемонгольские города. М., 1965; *Ткачев В. Н.* Каракорум в XIII в. //Арабески истории. М., 1995. Кн. 2.

КАРА-КОРУМ ТООЛОРУ – дүйнөдөгү эң ири ж-а бийик тоо тармактарынын бири. Борб. Азияда, Индия (Жамму ж-а Кашмир штаттары) м-н Кытайда. Памирдин түш.-чыгышында, Куньлунь м-н Гималайдын аралыгында жайгашкан. Уз. 500 *км*дей (чыгыш уландысы – Чангченмо ж-а Пангонг кырка тоолорун кошкондо 800 *км*дей), жазылыгы 150–240 *км*. К.-К. т-нун борб. бөлүгү – монолиттүү грабен, андан тоо тармактары (Салторо, Сасир ж. б. кырка тоолор) башталат. Деңиз деңг. орт. бийикт. 6000 *м*дей, эң бийик жери 8611 *м* (*Чогори чокусу*), дүйнөдөгү *Жомолунгмадан* кийинки 2-бийик чоку); 8000 *м*ден бийик көтөрүлгөн дагы 4 чокусу бар. Кыры аскалуу, капталдары тик, корум таш-шагылдуу, туурасынан кеткен терең (1500–2000 *м*) капчыгайлар м-н тилмеленген. Түш. капталы жазы, түндүгү тик. Ашуулары негизинен 4600–5800 *м* бийикте (мис., Кара-Корум ашуусу 5575 *м* бийикте). Тектон. жактан альп бүктөлүүсүнөн пайда болгон ири антиклинорий. Климаты кескин континенттик, катаал. Түш. капталына Инди океанынын муссонунун таасири болгондуктан, жаан-чачын арбын жаайт (500–2000 *мм*), түн.



Чогори чокусу.

капталдарына 100–500 *мм* түшөт. К.-К. т-нда жалпы аянты 15,4 миң *км*² болгон 2300 мөңгү бар; дендрит тибиндеги ири мөңгүлөрү – Сиачен (уз. 75 *км*), Биафо, Балторо, Хиспар, Римо. К.-К. т. Инд ж-а Тарим д-нын алаптарын бөлүп турат. К.-К. т-нан башталган ири дарыяларга – Шайок (Инд д-нын алабы), Кара-Каш, Жаркенд (Таримдин алабы) кирет. Түн. капталдарында тоо чөлү ж-а талаа, түштүгүндө (инди муссонунун таасиринен) 3000–3500 *м* бийикке чейин кызыл карагай, гималай кедринен турган токой, өрөөндөрүндө тал, терек, андан жогору талаа өсүмдүктөрү, айрым жерлеринде шалбаа өсөт. 4000 *м* бийикке чейин арпа, жүгөрү, тоо этектеринде жүзүм, өрүк, бакча өсүмдүктөрү, 3700 *м*ге чейин жемиш бактары (алма, алмурут) өстүрүлөт. К.-К-дагы табияты корголгон эң ири аймагы – Ташкуергань коругу (Кытай).

Ад.: *Гвоздецкий Н. А., Голубчиков Ю. Н.* Горы. М., 1987.

КАРА-КОЧКОР – Ош обл-нун Кара-Кулжа р-нундагы кыштак. Кара-Кочкор айыл округуна караштуу. Кара-Кулжа суусунун оң өйүзүндө, деңиз деңг. 1290 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кыш-нан 8 *км* батыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 80 *км*. Калкы 3576 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, бала бакча, ФАП бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү иштейт.

КАРА-КОЮН – Ат-Башы суусунун сол куймасы. Ат-Башы р-нунун аймагы аркылуу агат. Уз. 81 *км*, алабынын аянты 1820 *км*². Ат-Башы кырка тоосунун батыш бөлүгүнүн түн. капталындагы Бел-Кара-Суу ашуусунан башталып, жазы өрөөн аркылуу түн.-чыгышты карай агат. Суу бойлой созулуп жаткан тектирлердин бийикт. 20–30 *м*. К.-К. суусунун өрөөнү Ат-Башы өрөөнүнүн батыш бөлүгүн ээлейт. Алабынын деңиз деңг. бийикт. 2000–3100 *м*. Төмөнкү агымында нугунун өрөөнү саздуу келип, салааларга бөлүнүп, Ат-Башы суусуна куят. Жылдык орт. чыгымы 1,38 *м*³/*сек*. Эң чоң чыгымы июль–августта (40,3 *м*³/*сек*), эң азы февраль–мартта байкалат. Апрель–сентябрда кирип, октябрь–мартта тартылат. Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Ири куймалары: Бурган-Суу, Чойчап, Бел-Тепши (сол); Ичке, Таш-Рабат, Шырыкты, Баш-Келтебек (оң). Боюнда Кара-Суу, Казыбек, Ак-Талаа, Кызыл-Туу, Кара-Булун, Дыйкан, Жаңы-Күч кыш. жайгашкан. Сугатка кеңири пайдаланылат.

КАРА-КОЮН ӨРӨӨНҮ – Ичке Тенир-Тоодогу Ат-Башы өрөөнүнүн батыш бөлүгү. Ат-Башы р-нунун аймагында. Түндүгү К[illegible] Бел ж-а Ойнок-Жар адырлары, чыгышы [illegible] Башы кырка тоосу м-н чектешет. Батышы Ар[illegible]ын Ала-Тоосунун айрыгындагы Беш-Талаа [illegible]дүгүнө отөт. Чыгышта Чеч-Дөбөдө Ат-Башы [illegible]усунун өрөөнүнө кошулат. Уз. 65–70 *км*, ту[illegible]сы чыгышта 10–12 *км*, батышта 4–5 *км*, бий[illegible] жери 2800–3000 *м* (батыш жагы), жапыз жери 3100–2200 *м* (чыгышы). Аллювий-пролювий шилендилеринен түзүлгөн түздүк. Өрөөн аркылуу *Кара-Коюн* суусу түштүктөн түн.-чыгышка карай агат; 5–7 тектири бар. Климаты кургак, континенттик. Июлдун орт. темп-расы 10–15°С, айрым жылдары 22–33°С, январдыкы –7°Сден –12°Сге, кээде –20°Сден –30°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 300–350 *мм*. Топурагы бозомук ж-а күрөң, тоо бетинде каралжын. Ландшафты чыгышында саздуу түздүк, түндүгү жантайма шлейфтүү кургак талаа, батышы субальпка жакын тулаңдуу түздүк, түштүгү тектирлүү талаа. Өсүмдүктордон донуз сырты, бетеге, шыбак, тарак баш, шыраалжын, кара кыяк ж. б. басымдуу. Өрөөн аркылуу Бишкек–Торугарт автомобиль жолу өтөт. Казыбек, Кара-Суу, Кара-Булун, Дыйкан, Кызыл-Туу кыш. жайгашкан.

КАРА-КӨЛ – Ош обл-нун Ноокат р-нундагы суу, Араван-Сайдын оң куймасы. Кичи Алай кырка тоосунун түн.-батыш капталынан агып түшөт. Уз. 41 *км* (Айыр-Ташты кошкондо), алабынын аянты 387 *км*². Алабынын деңиз деңг. орт. бийикт. 2900 *м*. Айыр-Таш суусу Алтын-Казык тоосунун түш., Алай кырка тоосунун түн.-батыш капталынан башталган майда суулардан түзүлүп, адегенде капчыгай аркылуу агып, кууш өрөөнгө чыгат. Ортоңку бөлүгүндө Косчан деп аталып, Жер-Арык суусу м-н кошулат да, К.-К-ду түзөт. Жылдык орт. чыгымы 3,86 *м*³/*сек*. Эң көбү июнда, эң азы февралда байкалат. Ири куймалары: Шанкол (сол), Жаңы-Сай, Жар-Коргон (оң) ж. б. Суусу Араван-Сайга жетпей сугат тармактарына бөлүнүп кетет. Жээгинде Алике, Жаңы-Баш, Кара-Баш ж. б. кыш. жайгашкан. Өрөөндө суунун сугатка жетишсиздиги байкалууда.

КАРА-КӨЛ – Памирдеги ири көл, Тажикстанда. Аянты 380 *км*², уз. 33 *км*. Бийик кырка тоолор м-н курчалган, деңиз деңг. 4000 *м* бийикте жайгашкан ойдундан орун алган. Эки кууш кысык м-н туташкан 2 бөлүктөн турат. Терендиги батыш бөлүгүндө 238 *м*ге, чыгышында 35 *м*ге чейин. Суусу мала туздуу, тунуктугу 9 *м*ге чейин. Ноябрдын аягынан апрелге чейин муз каптайт. Суусунун жайкы темп-расы 12°Сге чейин. К.-К. суу агып чыкпаган туюк көл. Ага куйган суулардын эң ирилери – Кара-Жылга, Музкол.

КАРА-КӨЛ – Жалал-Абад обл-ндагы шаар. Облустун борбору Жалал-Абад ш-нан 175 *км* түн.-батыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 78 *км*. 1962-ж. Токтогул ГЭСин куруучулардын шаарчасы катары негизделген. Шаар статусун 1977-ж. 1[illegible]варда алган. Нарын д-нын сол өйүзүндө, Би[illegible]к – Ош автомобиль жолунун жээгинде ж[illegible]ашкан. Калкы 22,6 миң (2009); негизинен [illegible]ргыз (80%), орус (10%), өзбек, татар, азербайжан, казак, армян, украин, о. эле башка улуттар[illegible]кулдөрү да жашайт.

Азыркы шаар жайгашкан жер Жаз ы-Кеч үү деп аталган. Малга жайлуу болгондуктан, жергиликтүү эл негизинен мал чарбачылык м-н тиричилик кылган. Айрым жерлерге жүгөрү, тамеки, шалы эгишкен. Совет бийлиги орногондон кийин колхоздоштуруу башталып, эки колхоз (Фрунзе ж-а Молотов) түзүлгөн. 50-ж. эл чарбасын өнүктүрүү үчүн пахта өстүрүү колго алынган. Жазы-Кечүү кыш-нын калкы Ноокен р-нуна көчүрүлгөн. 1960-ж. Токтогул ГЭСинин курулушу башталган. 1962-жылдан баштап, турак-жайлар курулуп, мектеп, үй жылытуучу буу казаны, тамактануу жайлары, мед. мекемелер, монтаж, байланыш бөлүмү ишке кирген. Кийинки жылы жалпы аянты 25 миң *м*² болгон турак-жайлар, турмуш-тиричилик комбинаты, бала бакча, бейтапкана ж. б. бүткөрүлгөн.

Учурда К.-К. ш-нда Токтогул ГЭСинин кенсеси, «Достук заводу», «Нарынгидроэнергиякурулуш» (3000дей киши), «Гидромонтаж», «Аэродромкурулуш» ж. б. 12 АК иштейт. Түркиянын «Суусамыр–Интер», «Энтес», Ирандын «Кейсон», «Ирдопаз» жол реконструкциялоочу фирмалары м-н кызматташууда. «Кыргызгидроатайынкурулуш» АК Камбар-Ата, Таш-Көмүр, Шамалды-Сай ГЭСтеринде ж-а Өзбекстанда Резаккамчик ашуусундагы туннелде, ал эми «Гидромонтаж» АК Үч-Коргон, Таш-Көмүр, Камбар-Ата, Ат-Башы ГЭСтеринде курулуш-монтаждоо иштерин аткарган. Рыноктук экономиканын шартына өтүүдө бир топ реформалык иштер жүргүзүлүп, натыйжада шаарда 4 кичи ишкана, 1 коперация, 117 жеке ишкер, 2 менчик ж-а 11 жоопкерчилиги чектелген дүкөн ишке киргизилген. «Ротор» кичи ишканасы 1996-ж. түзүлгөн, ал ботолколор үчүн капкактарды чыгарат. «Нурлан-Алко» ЖЧК алкоголдуу ичимдик чыгарат. «Кыргызтелеком» АКтын шаар ж-а эл аралык кварцтык телефон байланыш пункту (1999), базар (2000) пайдаланууга берилген. Шаар Бишкек – Ош автомобиль жолунун боюнда жайгашкандыктан, Кырг-ндын бардык аймактары м-н үзгүлтүксүз байланышта. Шаарда 6 орто, 2 негизги, спорт ж-а муз. мектеп, балдардын чыгармачыл үйү, 2 китепкана, 3 бала бакча, о. эле ЖАМУнун Кара-Көл инж. ф-ти (1962-ж. ФПИнин даярдоо бөлүмү катары ачылып, 1963-жылдан тех. ф-ти), кесиптик-тех. окуу жайы, «Кайыңды» эс алуу лагери (600–800 бала), «Энергетик» спорт комплекси (200 орундуу), мад-т үйү бар. Ооруканa, 4 үй-бүлөлүк врачтар тобу, 2 төрөт үйү ж-а ФАП иштейт.

КАРА-КӨЛ КЕНЧИ – 11-к-га таандык казына. Колодон жасалган эки кесе, кумган ж-а эки тулгадан турат. Токтогул р-нунун Кара-Көл ш-ндагы «Комсомол» көлүнүн ордун тегиздөө учурунда байыркы шаардын урандыларынан табылган. Кеселерге кооз оймо-чиймелер түшүрүлүп, кумганга араб тамгасы м-н «Ахмад жасады» деп жазылган.

КАРА-КӨЛ КОЮ – куйруктуу, кылчык жүндүү кой породасы. К-к. к. – байыркы порода. Борб. Азия эли жерг. койду улам тандоо жолу м-н чыгарган. Негизинен корпө алуу үчүн багылат. К.-к. к. кум чөлдүү ысык шартка байымдуу келип, жыл бою жайытта асыралат. Козусунун



оңу кара (80%), боз, күрөң, сур түстө болуп, улам чоңойгон сайын жүнү кубарып, башы, шыйрагы кара бойдон калат. Жаңы туулган козуларынын жүнү тармал болуп, чоңойгондо жаныпкетет. Кочкорлору чагарак мүйүздүү, соолугу токол. Кочкорунун тирүүлөй салмагы 55–75 *кг*, соолугунуку 45–50 *кг*. Жүнүнүн уз. 30 *см*ге чейин жетет. Жылына эки жолу кыркылып, кочкорунан 3,5–3,8 *кг*, соолугунан 2,0–2,2 *кг* жүн алынат. Жүнүнөн кездеме ж-а килем токулат. Асыл тукум К.-к. к. азыр Украина, Өзбекстан, Түркмөнстан, Казакстанда, о. эле Афганстанда, Иранда асыралат.

КАРА КӨСӨӨ (Ustilafinales) – 1) *базидиомицеттер* классына кирүүчү мите козу карындардын катары. Козу карынчасы (плодовое тело) жок, спора пайда кылуу м-н оорчүйт; 2) ошол мите козу карындар пайда кылуучу өсүмдүк илдети. Бул илдетке өсүмдүктүн жалбырак, сабак, машак ж. б. органдары бүт бойдон же бир бөлүгү чалдыгат. Ал а. ч-на көп зыян келтирет. Дүйнөдө К. к. илдетин пайда кылуучу көптөгөн

мите козу карындар белгилүү. Анын кээ бири өсүмдүктүн белгилүү гана түрүн (сулу, буудай, жүгөрү) жабыркатат. Буудай, кара буудай ж. б. өсүмдүктөрдүн К. к-сү өзгөчө зыяндуу. Алардын сабагы м-н кошо өсөт, гүлүнүн мөмөлүгүнө жеткенде жипчелери каралжын К. к. споралары ажырайт. Жерге түшкөн спорадан 4 споралуу базидия пайда болот. Алар эки-экиден биригип, диплоиддүү абалында кайрадан дан өсүмдүктөрүнүн өсүндүлөрүнө жармашат. К. к. козу карындары келтирген зыяндарына жараша бир нече типке бөлүнөт. Алардын кээ бири өсүмдүк топуракта өнүп жатканда, айрымдары өсүмдүк баш алганда же бышып калганда, кээси вегетация мезгилинде зыянга учуратат. Каршы күрөшүү чаралары: өсүмдүктүн К. к-го ж. б. илдетке чыдамдуу сортторун чыгарып, өндүрүшкө киргизүү; жогорку агротехниканы колдонуу, оз убагында сээп, минералдык ж-а орг. жер семирткичтер м-н азыктандыруу; которуштуруп эгүү тартибин сактоо; тоңдурманы терең айдоо ж. б.

КАРА-КУЖУР – Кочкор р-нундагы суу, Сары-Булак кыш-нан төмөнкү бөлүгү Жоон-Арык деп аталат. Уз. 84 *км*, алабынын аянты 1240 *км*². Тескей Ала-Тоонун түш. капталынан башталып, батышка карай тектирлүү тектон. өрөөн аркылуу агат; Төлөк суусу м-н кошулуп, Жоон-Арык суусун түзөт да, түндүккө карай бурулат. Негизги куймалары: Соок-Төр, Кашка-Суу, Конур-Өлөң, Ак-Таш ж. б. Алабында жалпы аянты 0,15 *км*² болгон 2 көл бар. Жылдык орт. чыгымы 8,46 *м*³/*сек*, эң көбү 29 *м*³/*сек* (14. 4. 1934), эң азы 1,80 *м*³/*сек*. Апрель айында кирип, сентябрда тартылат. Жээгинде Сары-Булак, Ак-Кыя ж. б. кыш. жайгашкан.

КАРА-КУЖУР КӨРҮСТӨНҮ, Таш-Добо – б. з. 7–9-к-на таандык археол. эстелик. Нарын аймагындагы Кара-Кужур өрөөнүнүн орто чегинде жайгашкан. Диаметри 44 *м*, бийикт. 3–3,5 *м*. Аны жүзгө жакын майда дөбө-коргон курчап турат. Айрымдарынын жанында тикесинен тургузулган моло таштар бар. Тик казылган корго маркум, аты ж-а ат жабдыктары м-н бирге коюлган. Казуу учурунда шайынын калдыгы, мончоктор, бычак, тогоо, темир жебелери бар саадак, жаа, коло чогорулган кайыш кемерлер, темир ооздук, үзөңгү ж-а жыгач ээрдин калдыгы табылган.

КАРА-КУЖУР МРА́МОР КЕНИ Нарын обл-нун Кочкор р-нунда, Сары-Булак кыш-нан 56 *км* чыгышта, Тескей Ала-Тоонун түш. капталындагы Кара-Кужур суусунун башталышында. 1973–75-ж. геол. изилдоо жүргүзүлгөн. Кен аймагында протерозойдун ортосунда пайда болгон мраморлошкон ж-а доломиттешкен акиташ тегинин, графит сымал сланецтердин катмарлары жатат. Алардын жалпы калыңдыгы 2400–3000 *м*. Мында кооз таш катары мрамордун 3 түрү кезигет: 1) бир өңчөй ак, майда бүртүкчөлүү доломиттешкен мрамор. Блоктуулугу 0,3–0,5 *м*³; 2) боз, агыш, кооз темгилдери бар орт. бүртүкчөлүү мрамор. Блоктуулугу 0,2–0,4 *м*³; 3) ак мрамор, арасында боз ж-а каралжын боз, жолжол, ичке темгилдүү, майда ж-а орт. бүртүкчөлүү түрлөрү бар. Блоктуулугу 0,1–0,3 *м*. Мрамордун 3 түрү тең жакшы сайкалдашат, кооз көрүнөт. Запасы 40 млн *м*³. Имараттардын ички ж-а сырткы дубалдарын кооздоп каптоого жарайт.

КАРА-КУЖУР ОЙДУҢУ Ичке Теңир-Тоодо. Түндүгүнөн Тескей Ала-Тоо, түштүгүнөн Кара-Жорго тоосу м-н курчалат. Кочкор р-нунун аймагында. Аянты 1240 *км*². Уз. 80 *км*, туурасы ортонку болгүндө 6–8 *км*; батыш бөлүгү кууш (1 *км*ге чейин). Таманы тектирлүү түздүк; бийикт. батышында 2500 *м*, төрүндө 3200 *м*, туурасы 6 *км*. Төртүнчүлүк мезгилдин борпоң шиленди тектерине толгон. Климаты мелүүн континенттик. Январдын орт. темп-расы –12,5°С, июлдуку 10,2°С. Жылдык жаан-чачыны 366 *мм*. Кышында кар аз түшүп, жер «кара» чыгат. Шамал көбүнчө батыштан согот, орт. ылдамдыгы 2,7 *м*/*сек*. Ойдуну аркылуу *Кара-Кужур* суусу агат. Ортонку ж-а жогорку бөлүктөрү булактуу, айрым жери саздак. Төрүндө аянты 0,15 *км*² келген 2 көл бар. Кылканактуу-шыбактуу кургак талаа (2400–2700 *м*), субальп ж-а шалбаалуу талаа, альп шалбаалуу талаа (2700–3500 *м*), субнивалдык суук чөл, гляциалдык-нивалдык (3500 *м*ден жогору) ландшафт алкактары мүнөздүү. Ойдунда Нарын ж-а Кочкор р-нунун малы кыштайт. Ортонку болгүндө көп жылдык тоют чөп, арпа айдалат. Ойдунда Жер-Кочкү, Улакол, Кара-Кужур ж. б. кыш. жайгашкан.

КАРА КУЛАК ШЕР, гепард (Acinonyx jubatus) – мышык сымалдар тукумундагы сүт эмүүчү жаныбар. Дене уз. 123–150 *см*, куйругу 63–75 *см*, шыйрагы узун, ичке. Кулагы тегерек, кичине, түсү саргыч боз, майда кара тактары бар. Баласынын жон жагында узун жүнү болот. Африкада, Кичи ж-а Борб. Азияда, Индияда, Түркияда жашайт. Күндүз активдүү. 84–95 күн көтөрүп, 2–4 бала тууйт. Туяктуу жаныбарды аңдып жүрүп, аны кууп жетип, жейт. Саны азайып кеткендиктен, ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.



КАРА-КУЛЖА – Кара-Дарыянын оң куймасы, Ош обл-нун Кара-Кулжа р-нунун аймагы аркылуу аккан суу. Уз. 104 *км*, алабынын аянты 1200 *км*². Фергана тоо тизмеги м-н Үч-Сейит тоосунун кошулушуусунан башталып, Фергана ж-а Тасырак-Сай тоолорунун аралыгы м-н агат. Ири куймалары: Шоорук-Кылга, Үч-Сейит, Сурташ, Токсон-Кемпир, Кара-Жангак (он), Качуркөл, Кашка-Суу, Талдык-Суу, Беш-Мойнок (сол) ж. б. Жылдык орт. чыгымы 21,3 *м*³/*сек*. Ар бир чарчы *км* аянтынан агып чыккан суунун модулу Кырг-ндын аймагы б-ча эң көп (22 *л*/*сек*·*км*²). Аталышы суу кирүүндө тоо беттеринен ар түрдүү тектерди агызып, каралжын тартып, ылайланып агышынан пайда болгон. Боюнда (төмөнкү агымында) Кара-Кулжа кыш. жайгашкан.

КАРА-КУЛЖА – Узун-Акмат суусунун оң куймасы. Токтогул р-нунун аймагы аркылуу агат. Уз. 60 *км*, алабынын аянты 651 *км*². Чаткал кырка тоосу м-н Талас Ала-Тоосунун тутумдашкан жериндеги мөңгүдөн башталып, Узун-Акмат (түн.) ж-а Ат-Ойнок (түш.) тоолорунун ортосунда батыштан чыгышка карай агып, Узун-Акматка куят. Өрөөнүндө карагай, бадалдар, суу бойлой кайың, тал, четин, арча өсөт. К.-К-га 80ден ашуун озон куят, ирилери: Ат-Айнок, Найман-Суу (он), Өкүм, Ыргайлы, Көл (сол). Апрелде кире баштап, октябрда тартыла баштайт. Негизинен булак (49%), кар, мөңгү (46%) ж-а жаан-чачын (5%) сууларынан куралат. Алабыкда жалпы аянты 6,2 *км*²ге жеткен 20дан ашык мөңгү бар. Жылдык орт. чыгымы 10,5 *м*³/*сек*. Сугатка пайдаланылат.

КАРА-КУЛЖА – Ош обл-нун Кара-Кулжа р-нундагы кыштак, райондун борбору. Кара-Кулжа айыл округуна караштуу. Кара-Кулжа суусунун сол ойүзүндө, дениз денг. 1440 *м* бийикте жайгашкан. Облустун борбору Ош ш-нан 105 *км* чыгыш тарапта. Калкы 11,8 мин (2009); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Эки орто ж-а мектеп-интернат, мад-т үйү, оорукана, бейтапкана, мейманкана бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт.

Кыштактын жалпы көрүнүшү.



КАРА-КУЛЖА МИНЕРАЛДУУ СУУСУ – дарылануура ж-а ичүүгө жарамдуу муздак суу булагы. Ош обл-нун Кара-Кулжа р-нунда, Кара-Кулжа суусунун оң өйүзүндө, Муз-Төр ж-а Үйгум сууларынын аралыгында. Дениз денг. 2700–2900 *м* бийикте. Булак жерг. элге илгертен белгилүү. 1953-ж. геол. маалымат берилген. Аймакты карбон мезгилинде пайда болгон кумдук, сланец, акиташ теги түзөт. Бул тектер бүктөлүүгө учурап, ири антиклиналдуу түзүлүштү пайда кылган. Булак антиклиналдуу бүктөлүштүн түн. канатындагы тектон. жаракадан агып чыгат. Суу тунук, көмүр кычкыл газдуу, бир аз туз даамданат. Темп-расы 8–9°С. Курамы б-ча гидрокарбонат-хлорит-натрийлүү. Дебити 1 *л*/*сек*. Ичеги-карын ооруларын дарылоого болот.

КАРА-КУЛЖА ОЙДУҢУ Тасырак-Сай м-н Фергана тоолорунун аралыгында кендик багытта жайгашкан мегасинклиналдык ойдун. Кара-Кулжа р-нунун аймагында. Уз. 104 *км*, туурасы 24 *км*. Басымдуу бийикт. 3200–3400 *м*. Ойдундун эң жапыз жери 780 *м*, бийик жери Үч-Сейит массивинде (4900 *м*). К.-К. о. мезозой ж-а кайнозой заманларында пайда болгон кумдук, конгломерат, чопо, мергель ж-а сланец, Тар д-на жакын неоген ж-а антропогендин конгломераттары м-н борпоң тоо тектеринен турат. Климаты континенттик; июлдун орт. темп-расы 15,3°С, январдыкы –14,8°С. Жылдык жаан-чачыны 571 *мм*. Мөңгү өрөөндүн 4,3%ин түзөт, жалпы саны 31, алардын 16сы Үч-Сейит массивинде; эң ириси – Каракол, уз. 5,6 *км*, туурасы 0,9 *км*, аянты 4,6 *км*². Кар чеги 4160 *м* бийикте жатат. Ири суусу – *Кара-Кулжа*. Күңүрт боз топуракту таалаа (1000–2000 *м* бийикте), каралжын тоо топуракту бийик чөптүү шалбаалуу талаа ж-а токойлуу шалбаалуу талаа (2500–3000 *м*) ландшафттары мүнөздүү. Түздүктөрдөгү бетеге, шыбак, ит мурун, шыраалжын, улам жогорулаган сайын табылгы, кайын, жаңгак, андан ары карагай, арча м-н алмашат. Нивалдык зонада альп өсүмдүктөрү басымдуу. Ессентуки тибиндеги минералдуу булактар бар. Ойдунда Кара-Кулжа кыш. жайгашкан. Негизинен жайыт катары пайдаланылат.

КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ – Ош обл-ндагы адм. бирдик. Түн. ж-а түн.-батышынан Өзгөн, чыгышынан Нарын обл-нун Ат-Башы, батышынан Алай р-ндору, түштүгүнөн Кытай м-н чектешет. Район 1937-ж. уюшулган. Аянты 5,7 мин *км*² (Ош обл-нун аймагынын 19,6%и). Калкы 87,7 мин (2009). Райондо 11 айыл округу, 43 кыштак бар. Борбору – Кара-Кулжа кыш. Жери негизинен тоолуу, Кара-Кулжа ж-а Тар суулардын алабынан орун алган. Эң бийик жери 4900 *м* (Үч-Сейит массивинде), эң жапызы –

780 *м*. Райондун аймагында Фергана тоо тизмегинин чыгыш тармактары (Үч-Сейит, Тасырак-Сай ж. б.), Академик Адышев, Алайкуу кырка тоолору, Алайкуу, Кара-Кулжа, Кулун, Капчыгай, Ажыке өрөөндөрү жайгашкан. Табигый ресурстарынан Кара-Кулжа, Кулун, Терек ж. б. минералдуу суулары, курулуш материалдардын кендери бар. Климаты континенттик. Кышы суук, кар арбын жаайт. Январдын орт. темпрасы −10...−14,8°С; жайы ысык, кургак, июлдуку 25–15,3°С. Жылдык жаан-чачыны 350–571 *мм*. Ири суулары: Тар (куймалары: Кулун, Терек, Алайкуу, Акбогуз ж. б.), Кара-Кулжа (Сур-Таш, Тасыракай ж. б.). Көлдөрү: Кулун, Көл-Кайынды ж. б. Эгилме ландшафт 780–1000 *м* бийикте. Андан жогору каралжын боз топурактуу талаа (1000–2000 *м*), кара топурактуу бийик тоо талаасы, токой (2500–3000 *м*), альп ж-а субальп, гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү.

Райондун аймагында облустун калкынын 7,9% жашайт (2011). Төрөлүүнүн денгээли 22,8‰, өлүм-житим 5,2‰, табигый өсүш 19,7‰ (2008). Калкынын 46% и эмгек жашына чейинкилер, 45,9% и эмгек жашындагылар, 7,6% и эмгек жашынан өткөндөр. Калкынын 60,9% и дениз денг. 1000–1500 *м*, 18,0% и – 1500–2000 *м*, 21,1% и 2000–2500 *м* бийикте отурукташкан. Калктын орт. жыштыгы 1 *км*^{2} жерге 15 киши.

Кара-Кулжа р-нунун экономикасынын негизин мал чарбасы түзөт. Райондо 22,5 миң бодо мал (а. и. 12,5 миң саан уй), 116,3 миң кой, эчки, 15,4 миң жылкы, 25,1 миң үй канаттуулары болгон; 9,5 миң *т* эт (тирүүлөй салмакта), 19,5 миң *т* сүт, 342 *т* жүн өндүрүлгөн. Жалпы жер фондусу 571,2 миң *га* (2010), а. и. айыл чарбага жарактуу жери 340,4 миң *га* (жеринин 59,4% и). Айдоо аянты 13[illegible] миң *га* (анын 4,0 миң *га*сы сугат жер), 0,2 миң *га* бак-дарактар, 16,1 миң *га* чабынды, 310,[illegible] миң *га* жайыт. Дан-эгиндери (7,8 миң *га*, а. и. [illegible]кай – 5,0 миң *га*), картошко (0,9 мин *га*) ж. б. өстүрүлөт (2002).

Ө. ж. тармагы райондун татаал экон. геогр. абалына байланыштуу өнүккөн эмес (облуста өндүрүлгөн ө. ж. продукциясынын 0,6% ин берет). «Ак-Терек» АК (тейлөө үйү) иштейт.

Райондо негизинен автомобиль транспорту өнүккөн. Анын аймагынан Өзгөн – Кара-Кулжа – Кызыл-Жар, Кара-Кулжа – Сары-Булак – Гүлчө автомобиль жолдору өтөт. Райондо 2010-ж. автомобиль транспорту м-н жүк ташуу 51,1% ке, жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү 11,1% ке өскөн.





Кара-Кулжа районунун [illegible]жире бериши.

Райондо 49 жалпы [illegible]билим берүүчү (а. и. муз.) мектеп, 2 мектепке [illegible]ынки мекеме, китепкана болгон. Райондук ж[illegible] 12 участкалык оорукана, учук диспансери, 2[illegible] ФАП, 17 үй-бүлөлүк врачтар тобу ж. б. мед. мекемелер иштейт.

КАРА-КУМ, Түркмөн Кара-Куму – Борб. Азиянын батышындагы кумдуу зор чөл. Негизинен Түркмөнстандын аймагында. Табигый чеги даана эмес; түн.-батышынан ж-а түндүгүнөн Сары-Камыш ойдуну, түн.-чыгышынан Аму-Дарыянын өрөөнү, түштүгүнөн ж-а түш.-чыгышынан Карабиль ж-а Бадхыз дөңсөөлөрү, түштүгүнөн Копет-Дагдын этегиндеги түздүктөр, батышынан Батыш Узбойдун кургак нугу, Кичи Балкан тоолору м-н чектешет. Аянты 350 миң *км*^{2}. Рельефинде Унгуз К.-К-у же Унгуз платосу, Түзөн (түш.) же Борб. ж-а Түш.-Чыгыш К.-К. (деңиз деңг. бийикт. 450 *м*ге чейин) чөлдөрү озгочолонуп турат. Түзөн ж-а Унгуз К.-К. чөлдөрүнүн ортосунда Унгуз оёну жайгашкан. Түш.-Чыгыш К.-К. чөлүндө Келиф Узбоюнун кургак нугу бар. Рельефинде кум жалдары басымдуу; жылаңач бархандар да бар. Унгуз К.-К-унун, айрыкча анын батыш болугунун рельефине бийик (75 *м*ге чейин) ж-а узун (20 *км*ге чейин) жалдар – кырлар мүнөздүү. Кумдуу, түштүгүндө кум дөбөлүү чөлдөргө өтөт; такыр жерлердин тегерегинде эшилме кумдуу бархандар да кездешет. К.-К. чөлү негизинен Аму-Дарыянын алгачкы кумдуу чөгүндүлөрүнөн, түштүгү Тежен ж-а Мургаб д-нын шиленди чөгүндүлөрүнөн түзүлгөн түздүк. Күкүрт (Дарваза), газ (Дарваза-Зеагли, Очок, Байрам-Али), мунай кендери бар. Климаты кескин континенттик, кургакчыл. Январдын орт. темп-расы түндүгүндө −5°С, түштүгүндө 3°С, айрым жылдары −30°Сге чейин төмөндейт; июлдуку 28–34°С. Абанын суткалык амплитудасы 50°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 60–150 *мм*. Дарыялары (а. и. Тежен м-н Мургаб да) кумга сиңип кетет. Кыртыш сууларына бай. Өсүмдүк оскөн кумдарында бозомук-күрөң топурак, оёң жерлеринде шор баскан жерлер ж-а такырлар бар. Жазында бархандардан башка жерлерин эфемер ж-а эфемероид осумдуктөрү каптап калат. Кум өлөң чобу, бадалдардан алтыгана, ак ж-а кара сөксоол, кум акациясы, чекенде, төо куйрук, бархандарда кандым, черкез ж. б. өсөт. Чөл жайыт катары пайдаланылат. Калк көбүнчө оазистерде ж-а Аму-Дарыя, Тежен, Мургаб д-нын өрөөндөрүндө отурукташкан. Түш. бөлүгүнөн Кара-Кум каналы өтөт. Табигый ландшафтын коргоо максатында Репетек, Бадхыз коруктары уюшулган.

Ад.: *Федорович Б. А.* Лик пустыни. 3 изд. М., 1954; Очерки природы Кара-Кумов. М., 1955; *Бабаев А. Г.* Пустыня Каракумы. Аш., 1963; Пустыни. М., 1986.

М. Мамбетова.

КАРА-КУМ ШАМАЛЫ, казанжик шамалы – чыгыштан соккон катуу шамал. Түркмөнстандагы Кичи Балкан м-н Копетдаг тоо өткөөлдөрүндө, Кичи ж-а Чоң Балкан тоолорунун аралыгында согот. 15 *м/с* ылдамдык м-н чанды ойдо көздөй сапырып, чандуу бороон м-н коштолот. Эң катуу шамал кышында ж-а жазында жүрөт.

КАРАКУР (Lyrurus tetrix) – куштардын тоок сымалдар түркүмүнүн каракурлар тукумунун уруусу. Дене уз. 53–57 *см*, салм. 1,2–1,8 *кг*. Эркеги кара, куйругу эки ача, сыртын карай ийилип турат. Мекияны боз чаар. Эки түрү (кадимки ж-а кавказ К-у) бар. Кадимки К. Азия, Европа токойлорунда, 40–50 жыл мурда Кыргында Тескей ж-а Күнгөй Ала-Тоо кыркаларындагы карагай, бадал аралаш салкын токойлордо тараган. Түрдүү осумдуктор ж-а курткумурскалар м-н азыктанат. К. бири-биринен обочо жерге уялап, 9–14 жумуртка тууйт, 19–25 күн басып чыгарат. Бул түрдүн саны жылдан жылга азаюуда. 1975-ж-дан Кырг-ндын Кызыл китебине катталган. Кавказ К. к. – Кавказ тоолорунун эндемиги.



КАРА КУРТ (Latrodectus tredecimguttatus) – уулуу жөргөмүш. Жетилген ургаачысы кара түстө. Уз. 10–20 *мм*. Эркегинин (уз. 4–7 *мм*) ж-а жетиле элек ургаачысынын курсагында кызыл тактары бар. Күндүз да, түнкүсүн да жакшы көрөт. К. к. Түш. Европа, Батыш Азия, Түн. Африкада, Борб. Азиянын чөлдөрү м-н тоо этектеринде таралган. Чымын-чиркей м-н азыктанат. Жерге уя салып, тегерете тор м-н чырмайт. Уруктандыргандан кийин эркеги өлөт. Ургаачысы күзүндө жумуртка тууганан кийин өлөт. Жумурткасы (1200–2000дей) желе пиллада кыштап, жазында андан жаш жөргөмүш чыгат. 6 жолу түлөп, жайында жетилет. Уулуу бездери баш-көкүрөгүндө жайгашкан. Кишини ургаачы-

сы чакса, өтө коркунучтуу, чаккан жер катуу ооруйт, кара терге түшүп, эти көгөрөт, тырышат, деми кыстыгат, көбүрөөк ууланса, өлүмгө дуушар кылат.

КАРА КУУРАЙ (Cannabis) – өсүмдүктөрдүн кара куурайлар тукумунун уруусу. Бир жылдык чөп. Жаш К. к-дын сабагы жумуру, жумшак ж-а



Айдалма кара куурай: 1 – энелик топ гүлү; 2 – аталык топ гүлү; *а* – энелик гүлү; *б* – аталык гүлү; *в* – мөмөсү.

түктүү. Бийикт. 0,5–4 *м*, жоондугу 8–30 *мм*. Өзөк тамырлуу. Жалбырагы жазы, түсү көк, жашыл. Шыпыргы сымал топ гүлү негизги ж-а каптал бутакта жайгашат. К. к-дын вегетация мезгили 65–70 күндөн 140–160 күнгө чейин. Уругу топурактын темп-расы 8–10°Сде өнүп, 20–25°С темп-рада жакшы өсөт. К-дын данында тамакашка, техникада пайдаланылуучу 30–35% май бар. Индия, Иран, Түркия ж. б. өлкөлөрдө май ж-а нашаа алуу үчүн эгилет.

КАРА КУШ (Aquila rapax) – шакылдактар тукумундагы алгыр куш. Бүркүткө, окшош, бирок андан кичине. Дене уз. 80 *см*ге, канатын жайганда 1,5 *м*ге жетет. Кырг-ндын аймагында чанда, учуп өткөн учурда гана жолугат. Ачык талааны мекендейт. Майда куштар ж-а кемирүүчүлөр м-н азыктанат. К. к. жылдан жылга азаюуда. 1975-ж. Кырг-нда жок болуп бара жаткан жаныбарлардын тизмесине катталып, коргоого алынган.

КАРА-КҮНГӨЙ – Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нундагы кыштак. Чолпон-Ата айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1260 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Токтогул шаарчасынан 64 *км* түн.-батыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 294 *км*. Кыштак 1974-ж. негизделген. Калкы 1246 (2008); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет.

КАРА-КҮНГӨЙ – Нарын обл-нун Кочкор р-нундагы кыштак. Кош-Дөбө айыл округуна караштуу. Кара-Күнгөй суусунун боюнда, деңиз деңг. 2095 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кочкор кыш-нан 18 *км* түш.-чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 78 *км*. Кыштак 1930-ж. негизделген. Калкы 1430 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП, амбулатория бар.

КАРА КҮРҮЧ, г р е ч и х а (Faqopytum Gaerin) – кара күрүчтөр тукумундагы бир же эки жылдык чөп өсүмдүгү. Жапайы ж-а [illegible]лме түрү бар. Өзөк тамырлуу, тамыры топу[illegible]ка 1 *м* тереңдикке сүңгүйт. Көп кырдуу, ич[illegible]ндөй, сабагы тик өсөт, көп бутактуу, бийик[illegible]–1,5 *м*. Жалбырагы үч бурчтуу, жүрөк сым[illegible] Мөмөсү – кутуча дан. Даны күрөң, боз, кар[illegible]тө. 1000 даана данынын салмагы 20–30 *г*. [illegible]ны катуу кабыктуу. К. к. кыска мөөнөт[illegible]өнүп, өсүүчү өсүмдүк. Өрчүү мезгили 60–90 к[illegible] Үрөнү 5–6 *см* тереңдикке себилет. Ал баалуу экшак берет, анын даамы жагымдуу, сиңимдүүлүгү б-ча алдыңкы орунда. Данында 13–15% и белок, 2,0–2,5% и кант, 2,0–3,0% и май; 2,2–2,5% күл заттары, адамга өтө пайдалуу микроэлементтер (темир, кальций, фосфор, жез, цинк, иод), орг. к-талар, B_1, B_2, P_p витаминдери ж. б. бар. К. к. гүлдөгөн учурда ар бир *га* жерден 100–120 *кг* бал топтоого болот. К. к-түн ондогон сорттору



Кара күрүч: 1 – гүлдүү бутагы; 2 – мөмөлүү чоку бутак.

чыгарылган, а. и. Большевик-4, Шатиловский-4, Калининская, Богатырь белгилүү. Кырг-нда Богатырь сорту жакшы түшүм берет.

Э. Капарова.

КАРАКЧЫЛЫК – пайда көрүү максатында жеке менчик, коомдук мүлктөргө кол салуу, зордоп ээлеп алуу. К. негизинен өмүр, саламаттыкка коркунуч келтире турган зомбулук көрсөтүү же зомбулук көрсөтөм деп коркутуу аркылуу аныкталат. К-тын объектиси болуп жабырлануучунун менчиги; кошумча объектиси болсо анын саламаттыгы; ал эми *кылмыш* предмети катары бирөөнүн мүлкү эсептелинет. К. атайылап, тике ниетте жасалышы м-н мүнөздөлөт. Мындай кылмышты *квалификациялоодо* айыпталуучунун күнөөсү гана эмес, кылмыштын жүйөсү да такталышы зарыл. 14 жашка толгон акыл-

эси соо адам гана К-тын субъектиси болуп эсептелинет. Алдын-ала бүтүм кылынбай же бүтүм б-ча да бир нече жолу турак жай, имарат ж. б. сактоочу жайга кирүү, курал же курал катарында пайдаланылган [illegible]рселерди колдонуу, мурда уурулук жасоо, о[illegible]алоо ж-а бандиттик үчүн соттолуп, ири өлч[illegible]ө мүлккө ээ болуу максатында жабырлану[illegible]нун ден соолугуна оор залал келтирүү м-н [illegible]дашкан топ жасаган кылмыш К-тын оордо[illegible]чу ж-а өтө оордотуучу белгилери болуп сан[illegible]т.

К. А. Бодобаев.

КАРА КЫЗ (Lapp[illegible]a Moench) – өсүмдүктөрдүн эндиктер тукумун[illegible] уруусу. Бир, эки же көп жылдык бозомтук түктүү чөп. Жалбырагы сызгычтай (ланцеттей). Гүлү майда, ачык көгүш, беш мүчөлүү. Топ гүлү – бурулча. Мөмөсү төрт бөлүктүү жаңгакча, илмек тикендүү, ошондуктан малдын жүнүнө уйгактай жабышат. Түш. Америка м-н Африкада, о. эле Австралия ж-а Түн. жарым шардын мелүүн алкактарында 50го жакын түрү кездешет. Кырг-нда 15 түрү тоо этегинде, арык боюнда, аңызда, дың жерде өсөт. К. к. уруусунун көп түрү – отоо чөп.

КАРА КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛУСУ – КРдин 1924-ж. 14-октябрь – 1925-ж. 25-майга чейинки аталышы. Түркстан крайында Совет бийлигинин орношу (ноябрь, 1917) м-н улуттук чек араларды аныктоо маселеси келип чыккан (к. *Орто Азиянын улуттук-мамлекеттик бөлүнүшү*). Бүткүл Союздук БАКтын 1920-ж. 27-августта «Түркстанды администрациялык жактан бөлүштүрүү жөнүндө» кабыл алган токтомунун негизинде О. Азиядагы жооптуу кызматкерлердин улут маселесине арналган жыйыны (январь, 1924) өткөн. Анда И. *Арабаев* сүйлөп, кыргыздардын өз алдынча улут экенин, алар улут катары эч жерде эске алынбаганын сындаган ж-а кыргыздар (кара кыргыздар) өз автономиясын түзүү тууралуу маселе көтөргөн. Бул жыйында аны колдогондор азчылыкты түзүп калып, кыргыздардын жери Кыргыз (б. а. Казак) Респ-нын алкагына киргизилери ж-дө сунуш жактырылган. 1924-ж. 14-октябрда Москва Бүткүл Союздук БАКтын 2-сессиясы О. Азия элдеринин улуттук-мамл. бөлүнүшү ж-дө чечим кабыл алган, ага ылайык К. К. а. о. РСФСРдин курамына киргизилген. Жаңы К. К. а. о-нун большевиктик-парт. жетекчиси болуп М. *Каменский*, облустун Рев-ячыл (б. а. Аткаруу) к-тинин төрагалыгына *И. Айдарбеков* бекитилген. К. К. а. о-на Түркстан АССРинин *Жети-Суу обл-нун* Каракол, Нарын, Пишпек, *Анжиян уездинен* 10; *Фергана обл-нун* Кокон уездинен 2, Ош уездинен 13, Фергана уездинен 5, Наманган уездинен 9, *Сыр-Дарыя обл-нун* Олуя-Ата уездинен 14 болуштук кирген. К. К. а. о-н аймагы 195,7 миң чарчы *км*, калкы 737,3 миң адамды түзгөн, а. и. 63,5% кыргыз, 16,8% орус, 15,4% өзбек, 3,5% башка улуттар болгон. К. К. а. о. Пишпек (20 болуштук), Каракол-Нарын (16 болуштук), Ош (20 болуштук), Жалал-Абад (10 болуштук) округдарына бөлүнүп, 6 шаар, 321 айыл-кыштак, 5 хуторду камтыган. 1925-ж. 27–30-мартта Пишпек ш-нда 135 делегат катышкан К. К. а. о-нун алгачкы уюштуруу съезди өткөрүлүп, анда конституциялык мазмундагы «Кара Кыргыз автономиялуу областы тууралуу жобо» кабыл алынган. Натыйжада Рев-ячыл к-т күчүн жоготуп, мамл. бийлик 51 мүчө ж-а 12 кандидаттан турган облаткомго өткөн. Курамына И. Айдарбеков, Ж. Абдырахманов, М. Каменский ж. б. кирген атайы комиссия түзүлүп, ага облустун Жобосунун (конституциялык) долбоорун түзүү иши тапшырылган ж-а «кара» сөзүн расмий аталыштан алып салуу. өлкөнү обл. эмес, автономиялуу респ-нын катарына кошуу ж. б. сунуштар көтөрүлгөн. 1925-ж. 25-майынан *Кыргыз автономиялуу облусу*, 1926-ж. 1-февралынан *Кыргыз АССРи* деп аталган.

Ад.: *Турсунов Х. Т.* О национально-государственном размежевании Средней Азии. Таш., 1957; История Киргизской ССР с древнейших времён до наших дней. В 5-и томах. Ф., 1986; Национальный вопрос на перекрёстке мнений, 20-е годы: документы и материалы/ Сост. В. А. Горный и др. М., 1992; *Абдуллаев Р. М. и др.* Туркестан в начале XX века: К истории истоков национальной независимости. Таш., 2000; *Джуманалиев А.* Политическая история Кыргызстана (Становление политической системы Кыргызского общества в 1920–1930-е годы). Б., 2005.

Б. Сатаров.

КАРА КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛУСУНУН РЕВОЛЮЦИЯЛЫК КОМИТЕТИ – Кара Кыргыз АОнун (к. *Кара Кыргыз автономиялуу облусу*) 1924-ж. 21-октябрдан 1925-ж. 30-мартка чейин башкарган убактылуу бийлик органы. РСФСР БАКтын Президиумунун чечими м-н түзүлүп, ага И. *Айдарбеков* башында турган 17 киши кирген. К-т адегенде Ташкент ш-нда жайгашып, 1924-ж. декабрда Пишпекке көчкөн. Анын негизги милдети – обл. бийликтин мамл. аппаратын түзүү ж-а жөнгө салуу, Советтердин уюштуруу съездин даярдоо ж-а аны өткөрүү болгон. Мамл. пландоо комиссиясын түзүп, чарба, экон., финансылык ж. б. маселени колго алган ж-а Кырг-ндагы калктын санын, улуттук курамын ж-а малдын санын, жер аянтын, токой байлыктарын тактоо б-ча иштер аткарылган. 1924-ж. 22-ноябрда уюштуруу маселесин тейлөө үчүн Аттестациялык комиссия түзүлүп, борборду, округду, районду башкарууга кадрлар тандалган. Ревкомдун алдында 14 бөлүм иштеген (админ., дыйканчылык, сот, прокуратура, саламаттык сактоо, билим берүү, ички иштер, жумушчу-дыйкан инспекциясы ж. б.). Пленардык жыйындарда кабыл алынган чечимдер мыйзам күчүнө теңелип, бардык мамл. мекеме ж-а коомдук уюмдар үчүн сөзсүз аткарылууга тийиш болгон. Мис., 1924-ж. 12-ноябрдан 1925-ж. 15-мартка чейин 51 жыйын

өтүп, анда 665 маселе б-ча чечим чыгарылган. 1925-ж. Советтерге шайлоо өткөрүлүп, округ, район, болуштуктарда аткаруу к-ттери шайланган. Ошол эле жылдын 27–30-мартында Кыргыз АО Советтеринин 1-уюштуруу съезди өткөн. Съезд И. *Айдарбековдун* отчётун угуп, к-ттин ишин канааттандырарлык деп тапкан. Съездде 11 кишиден турган Облаткомдун президиуму (төрагасы А. *Орозбеков*) шайланган.

Ад.: История Киргизской ССР с древнейших времен до наших дней. В 5-и томах. Ф., 1986; *Курманов З. К.* Политическая борьба в Кыргызстане: 20-е годы. Б., 1997; *Жуманалиев А.* Политическая история Кыргызстана (Становление политической системы Кыргызского общества). Б., 2005.

КАРА-КЫР ТООСУ – Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш тармагы. Терек ж-а Алайкуу сууларынын (Тардын оң куймалары) аралыгында кендик багытта 36 *км*ге созулуп жатат. Туурасы 12 *км*. Орт. бийикт. 3900–4100 *м*, эң бийик жери 4634 *м* (Кашка-Суу чокусу). Кыры аскаазоокалуу, капталдары тик, капчыгай, кокту-колот көп. Тоонун чыгыш бийик бөлүгү юра мезгилинин конгломерат, гравелит, кумдук, аргиллит, жапызыраак батышы бордун кызыл түстүү кумдук, алевролит, чопо ж-а акиташ тектеринен турат. Субальп ж-а альп шалбаалуу талаа (2900–3100 *м*ге чейин) басымдуу. Жайыт.

КАРА-КЫСМАК – Чаткал д-нын оң куймасы; капчыгайлуу кооз аймак. Чаткал р-нунун аймагында. Уз. 27 *км*, алабынын аянты 247 *км*². Алабынын деңиз деңг. орт. бийикт. 3200 *м*. Талас Ала-Тоосунун түш. капталынан, Кара-Буура ашуусуна жакын жерден башталат. К.-К. суусу 17–18 *км* аралыкта терең капчыгай м-н шар агат. Өзөнгө 18 чакан суу (көбү оң) куят. Алабында моңгулор бар. Суусунун жылдык орт. чыгымы 2–3 *м*³/*сек*; эң көбү июнь–июлда, эң азы февраль–мартта байкалат. Өрөөндүн жогору жагы кембрийге чейинки түрдүү сланец, филлит, кумдук, ортонку бөлүгү кычкыл интрузия, чопо, сланец, төмөнкү бөлүгү палеозойдун акиташ тектеринен түзүлгөн. Жылдык жаан-чачыны 600–800 *мм*; көбүнчө ноябрь–март айларында жаайт; апрель–майда тез-тез сел, көчкү жүрүп

Кара-Кысмактагы кар көчкү шилендиси.



турат. Орус саякатчысы Н. А. Северцов 1864-ж. июнь айында К.-К-тан өзөндү үч жылдан бери бөгөп жаткан 7 чоң кар көчкү («кар көпүрө») көргөн; алардын айрымдарынын уз. 800–1000 *м*ге чейин жеткен. 1975-ж. 9-июнда ушул эле жерде (Мырсаш м-н Мадыгайдын ортосунда) 14 «кар көпүрө» пайда болгон. Капчыгайдын аймагында шалбаалуу талаа ландшафты басымдуу; өзөндүн боюнда түрдүү бадал, көмөн жагында кайың, тал, жайык кашаттар, шашыр, бийик тоолуу (3000 *м* ж-а андан жогору) жерлеринде жапалак арча өсөт. Капчыгайда көп жери жылanач аскалуу. К.-К-ты бойлой Талас м-н Чаткалды байланыштырган автомобиль жолу өтөт. К. к. тарыхый топоним: Тимурдун 14-к-дын аягындагы Моголстанга жасаган жортуулдарында номен Каракасмак түрүндө бир нече жолу эскерилет. 19-к-да – 20-к-дын башында өзбектердин коңурат уруусунда каракасмак деген урук болгон.

КАРА КЫТАЙ МАМЛЕКЕТИ (1130–1213) – Кашкар, Жети-Суу, Түш. Казакстан ж-а *Мавераннахрдын* чыгыш аймагындагы мамлекет. Түн. Кытайдагы Ляо мамлекетин *чжурчжендер* талкалагандан (1125) кийин, анын өзөгүн түзгөн кара кытайлардын (кидан) бир бөлүгү *Елүй Дашинин* жетекчилиги м-н Монголияга кетип, ал жерде Бей Ляо (Түн. Ляо) мамлекетин негиздешкен. 1128-ж. анын аскери Кашкарга кол салган ж-а 1130-ж. *Караханид мамлекетин* басып алып, Елүй Дашинин тушунда (1130–43) К. к. м. кубаттуу державага айланган. Бул учурда анын ээлиги Бешбалыктан Бухара, Самаркандга чейин жетип, *Баласагун* ш. борбору болгон. К. к. м-не азыркы Түн. Кырг-н гана баш ийген. Калкы ислам, о. эле несториан, буддизм, тенирчилик ж. б. диндерди туткан. 1198-ж. афганстандык гуриддердин катуу соккусунан К. к. м. алсырай баштаган. 1210-ж. *Чыңгыз хандан* жеңилген найман ханынын уулу *Кучлук* Жети-Суугa келип, К. к. м-нин гурханы Чжилугудунун ишенимине кирген. Бирок 1212-ж. козголоң чыгарып, анын тактысын тартып алган. 1218-ж. моңголдор басып алгандан кийин, К. к. м. биротоло жоюлган.

Ад.: *Бартольд В. В.* Очерк истории Семиречья. М., 1963. Соч., Т. 2. Ч. 1; *Караев О.* История Караханидского каганата (X – начало XIII вв.). Ф., 1983.

КАРА-КЫШТАК – Баткен обл-нун Кадамжай р-нундагы кыштак. Майдан айыл округуна караштуу. Исфайрам суусунун сол өйүзүндө, деңиз деңг. 1175 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Пүлгөн кыш-нан 60 *км* чыгыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. бекетинен 20 *км*. Калкы 1005 (2010); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет.

КАРАЛАЕВ Саякбай (1894–1971) – манасчы, к. *Саякбай* Каралаев.

КАРА-МАЗАР КЕНТАШТУУ АЙМАГЫ Курама кырка тоосунун батыш капталынан орун ал-

ган. Сыр-Дарыя м-н Ангрен сууларынын өрөөнүндө (Өзбекстан, Кырг-н, Тажикстандын аймагында) кездешкен ири полиметалл кени. Аянты 8 миң *км*². Силлур, пермь ж-а булардан кийинки мезгилдерде пайда болгон чөкмө тектер, жанар тоо чөкмөлөрү, каледондогу гранит интрузиялары жайылат. Булар герцин бүктолүү циклине дуушар болуп, өзгөрүүлөргө учураган. Мында коргошун, м-н цинктин 20дан ашык кени бар, о. эле жез, висмут, темир, флюорит кендери да кездешет. Негиздеги кендерге Алмалык, Калмакыр, Калкан-Ата (түн. тарабында), Текели, Алтын-Тапкан, Кан-Сай (батышында), Канимансур, Лашкерек (чыгыш жагында) ж. б. кирет. Алардын айрымдары б. з. 1-к-нда эле казылып алынганы белгилүү. Кенташта коргошун, цинк, жез, алтын, вольфрам, молибден металлдары кездешет. Коргошун м-н цинк кендери скарн түрүндө (Алтын-Тапкан, Кан-Сай, Чал-Ата, Таш-Булак), жанартоо чөкмөлөрүнүн өзгөрүүгө учураган зоналарында (Канимансур, Чукур-Жылга, Замбарак, Лашкерек), о. эле гранит интрузиясы (Гудас, Умбетти) м-н карбонаттарда жолугат. Жез м-н коргошун гидротерм процессинен өзгөрүлгөн интрузиялардан (Алмалык, Калмакыр), висмут кенташы магнетиттүү скарндардан (Чокадамбулак), флюорит магмалык тектердеги тектон. жаракалардан (Наугарзан, Чибаргата) орун алган. Кендер негизинен герцин металлогендүү мезгилинде пайда болгон. Айрым кендерде ири тоо-кен комбинаттары иштейт.

Ад.: *Абдуллаев Х. М. и др.* Основные черты магматизма и металлогении Чаткало-Кураминских гор. Таш., 1958. *З. Бейшеев.*

КАРАМА-КАРШЫЛЫК (формалдык логикада) – бири экинчисин жокко чыгаруучу көш пикирдин болушу (ой-жүгүртүүдө, тексте, теорияда). К.-к. аны пайда кылган ой жүгүртүүнүн логикалык каталыгын же ошол ой жүгүртүүгө таяныч болгон негиздердин сыйыштастыгын көрсөтөт. Мындай жагдай К.-к-ка алып келүү аркылуу төгүндөөдө ж-а кыйыр далилдерде көп пайдаланылат.

КАРАМА-КАРШЫЛЫКСЫЗДЫК – сыйышуучулук, карама-каршылыктын жоктугу – ырастоонун, ой жүгүртүүнүн жыйындысынын (теория) логикалык тактыгынын (тууралыгынын) критерийи. Эсептөөдөгү К.-к. аны түшүндүрүүнүн логикалык мүмкүндүгүн билдирет ж-а ишке ашыруунун зарыл шарты болуп саналат. К.-к. – колдонууга жарактуу ил. теорияга ж-а анын жобололоруна коюлуучу башкы талап.

КАРАМА-КАРШЫЛЫКТАРДЫН БИРИМДИГИНИН ЖАНА КҮРӨШҮНҮН ЗАКОНУ – *диалектиканын* универсалдуу үч мыйзамынын бири. Бул закон өнүгүүнүн булагын, себептерин ачып көрсөтөт. К.-К. б. ж. К. з. өзүнүн өнүгүшүндө объективдүү дүйнөнүн нерселери м-н кубулуштарындагы байкалбаган, маанисиз багыттар (жактар), тенденциялар маанилүү айырмачылыктарга, а түгүл карама-каршылыктарга чейин өсүп чыгып, алар ич ара бири-бири м-н карама-каршылыкта, күрөштө болот да, ошол нерсенин же кубулуштун өнүгүшүнүн ички булагы болуп калат. Ар бир нерсе өзүнө өзүнөн башканы да камтыйт. Ар кандай объектинин ички карама-каршылыгы – бир эле нерседе бир эле убакта карама-каршылыктар бири-бирине өтүп, сиңип ж-а бири-бирин танып турганында. Карама-каршылык, б. а. активдүү аракет, кагылышуу, карама-каршылыктардын күрөшү болгондуктан гана өнүгүү боло алат. Күрөшүп жаткан карама-каршылыктар бири-бири м-н биримдикте болушат, анткени алар бир нерсеге же кубулушка таандык. Мындай биримдик алкагындагы карама-каршылыктардын күрөшү өнүгүүнүн булагын түзөт. Бул закон методол. гана эмес практикалык мүнөзгө да ээ. Ал өнүгүүнүн гана эмес, коомдук болмуштун (бытие) чегиндеги адамдардын ортосундагы каршылыктын булагын да көрсөтүп берүүгө жөндөмдүү. Демек, бул закон б-ча бардык нерсе карама-каршылык м-н ички каршылыктын негизинде кыймылга келип, өнүгүп турат. Мис., терс заряд м-н оң заряддын өз ара тартылуусунан электр тогу пайда болот; бай – кедей, аял – эркек, жаш – кары, жакшылык–жамандык сыяктуу карама-каршылыктар болгон үчүн гана коом өнүгүп-өзгөрүп турат.

КАРА-МАРТ – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-ндагы кыштак. Кыз-Көл айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1280 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 39 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 37 *км*. Калкы 3228 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Эки орто ж-а негизги мектеп, китепкана, мад-т үйү, бала бакча, ооруканa, бейтапкана ж. б. бар. Кыштактын аты «март өсүмдүгү көп» деген маанини билдирет.

КАРА-МАРТ – Көгарттын оң куймасы. Сузак р-нунун аймагында. Уз. 25 *км*, алабынын аянты 176 *км*². Алабынын деңиз деңг. орт. бийикт. 1500 *м*. Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы бөксө тоодон Жошо деген ат м-н башталып, кууш кокту аркылуу батышка карай, ортонку агымында жазыраак Кара-Март өрөөнүнө чыгып, түштүктү карай агат. Оң куймасы – Ак-Тооктун чатынан кууш босого аркылуу өтүп, Көгартка куят. Негизги куймасы – Ак-Тоок (уз. 20 *км*; баш жагы Каду деп аталат). Жылдык орт. чыгымы 0,91 *м*²/*сек*, эң көбү апрель–майда, эң азы февралда байкалат. Негизинен кар, жаан-чачын ж-а булак суулары-нан куралат. Өрөөндүн айрым жеринде жаңгак токою кездешет. Сугатка пайдаланылат. Алабында Кыз-Көл, Кара-Март, Ак-Талаа, Кутурган, Ак-Тоок ж. б. кыш. жайгашкан.

КАРАМАТОВ Озодбек (29. 3. 1964-ж. т., Ош обл., Сузак р-ну, Сузак айылы) – экономика илимд. доктору (2005). Ташкент айыл чарбасын ирригациялоо ж-а механикалаштыруу инженерлер ин-тун бүткөндөн (1987) кийин инж. геодезия кафедрасында ассистент, 1990–92-ж. Акмола (азыркы Астана) а. ч. ин-тунун аспирантурасында окуп, кандидаттык диссертациясын жактаган. 1993–94-ж. кайрадан Ташкент инженерлер ин-тунда, 1994–96-ж. Прогнозстатмамкомунда, 1996–97-ж. «Банксугурта» камсыздандыруу компаниясында, 1997–98-ж. «Марс-МН» АКда иштеген. 1999-ж. Эл достугу ун-тине ректор болуп шайланган. 2005–07-ж. ушул ун-ттин экономика, менеджмент ж-а бизнес кафедрасында доцент, 2007–09-ж. проректор, 2009-жылдан ректор. 2 монографиянын, 30дан ашуун ил. эмгектин автору.

Эмг.: Рынок земли: реалии и перспективы. Б., 2005; Функционирование и регулирование рынка земли в Кыргызстане. Б., 2008.

КАРАМЕРГЕН уулу Кыдык (19-к-дын 2-жарымында жашаган, Чүй өрөөнүндө каза болуп, сөөгү Суусамырга коюлган) – балбан. 11–12 жашында 9 балбан биригип көтөрө албаган ташты көтөргөн. Ал таш «Кыдыктын ташы» аталып, Көнөк айылында турган. Кара жыгачты житире кактырып, түбүнө кыштата суу куюп, казандай тоңу м-н сууруп алган. 24–25 жашында баспай калган жүктүү төөнү көтөрүп айылына келген. Казактын Ак балбаны м-н беттешкен. Кийин 9 ач карышкырга туш болуп, сегизин жайлап, акыркысынан набыт болгон.

КАРА МЕТАЛЛУРГИ́Я – чоюн, болот, прокат, феррокуйма, чоюн м-н болоттон даярдалуучу түтүктөрдү, темир буюмдарын өндүрүүчү оор ө. ж. тармагы. Машина курууда, курулуш материалдарын чыгарууда, эл чарбасын техника м-н жабдууда зор роль ойнойт. Мында К. м-нын негизги сырьёсу болуп, темир кенташтары м-н кокстуу көмүр эсептелет. Кенташты эритүүдө ж-а эришин тездетүүдө марганец кенташы колдонулат. Өндүрүлгөн металлга өзгөчө сапат берүү үчүн ар кандай кошулмалар керектелет. Темир кенташтары Россия (Урал, Сибирь), Украина (Кузбасс, Кривой Рог), Казакстан, АКШ, Германия, Англия, Франциядa көп кездешет.

Ад.: Чёрная металлургия СССР. М., 1967; *Казанец И. П.* Чёрная металлургия на рубеже новой пятилетки. М., 1971.

КАРАМЗИ́Н Николай Михайлович [1(12). 12. 1766, Россия, Казан губерниясы, Бузулук р-ну, Михайловка кыш. – 22. 5 (3. 6.). 1826, Петербург] – орус жазуучусу, публицист ж-а тарыхчы. Москвадагы Шаден менчик пансионунан 1783-ж. чейин билим алган. Москва ун-тинен лекция уккан. К-дин чыг-лыгы котормодон башталган. 1789-ж. Батыш Европаны аралап, белгилүү жазуучу, ойчул-агартуучулар м-н таанышкан. Ал Россияда «Московский журнал» (1791–



92), «Вестник Европы» (1802–03) журналдарын чыгарган. «Евгений менен Юлия» (1789), «Орус саякатчысынын каттары», «Байкуш Лиза», «Наталья – бояр кызы» ж. б. повесттери аркылуу орус ад-тында сентиментализм багытын негиздеген. Анын тунгуч прозасы А. Жуковский, К. Н. Батюшков, А. С. Пушкин чыг-лыгынын өркүндөшүнө чоң таасир берген. 1790-жылдардын орто ченинде тарых маселелерине кызыгып, калган өмүрүн ага арнаган. 1803–26-ж. «Россия мамлекетинин тарыхы» аттуу 12 томдук эмгегин жазган. Бул эмгек – орус элинин тарыхындагы чоң окуя болгон. К. тарыхка кыраакы караган, б. а. адамзат тарыхы, бул – бүткүл дүйнөлүк прогресс тарыхы, анын негизин акыл-эс м-н адашуунун, билим м-н билимсиздиктин күрөшү түзөт деген. К-дин түшүнүгү б-ча тарыхта чечүүчү роль улуу адамдарга таандык. К-дин тарыхка көз карашы учурунда мамлекет тарабынан колдоого алынып, расмий жолжобо деп таанылган. Славянофилдер К-ди руханий атабыз деп эсептешкен. А. И. Герцен К. «биздин адабиятты гумандуу кылды» деген.

Ад.: Н. М. Карамзин. М., 1992; *Сапченко Л. А.* Н. М. Карамзин: Судьба наследия (век XIX). Ульяновск, 2003.

КАРА-МОЙНОК – Нарын обл-нун Кочкор р-нундагы кыштак. Кара-Суу айыл округуна караштуу. Каракол суусунун боюнда деңиз денг. 2300 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кочкор кыш-нан 51 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 111 *км*. Калкы 1001 (2010); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КАРА-МОЙНОК ТООСУ – Ички Тенир-Тоодогу Жумгал кырка тоосунун бир тармагы. Түштүгүнөн Батыш ж-а Чыгыш Сөөк суулары, түндүгүнөн Каракол өрөөнү чектейт. Чыгышында Кочкор, батышында Суусамыр тектон. өрөөндөрү жатат. Уз. 64 *км*, эң жазы жери 16 *км*, орт. бийикт. 3850 *м*, эң бийик чокусу 4281 *м* (Кара-Мойнок). Негизинен томонку палеозойдун гранит, порфир, сланец ж-а гранит-диорит тоо тектеринен турат. Түн. капталында алгачкы плейстоцендин мореналары бар. Батышы жапыз, түн. капталы тик. Мында тектон. жарака аркылуу неогендин чополуу тектери бийик көтөрүлгөн. Неотектон. тиби – мегантиклиналь. Торпу м-н Сөөктүн сол куймаларынын ж-а Каракол суусунун башы мөңгүлүү. Шалбаалуу талаа (2500–2800 *м*), субальп ж-а альп шалбаасы ж-а шалбаалуу талаа (2800–3800 *м*), нивалдык (3800–4200 *м*) ландшафт зоналары мүнөздүү. Терен

өрөөндөрдүн айрым жеринде (3000 *м*ден төмөн) майда бадалдар өсөт.

КАРАМОЛДО Орозов (өз аты – Токтомамбет; 1882, азыркы Ысык-Көл обл., Ысык-Көл р-ну, Корумду айылы – 8. 7. 1960, ошол эле жер) – залкар комузчу, Кыргыз ССР эл арт. (1935). Москвада өткөн Элдик аспаптарда ойноочулардын Бүткүл союздук фестивалынын лауреаты (1939). 1939-жылдан СССР композиторлор союзунун мүчөсү болгон. 1928-ж. Бишкекке көчүрүлүп, 30дай күүсүн А. В. *Затаевич* нотага түшүргөн. 1931–36-ж. чейин Кыргыз муз. драма театрынын, 1936–54-ж. Кыргыз мамл. филармониясынын артисти. 1940–41-ж. СССР композиторлор союзунун алдындагы обончу-композиторлордун курсунда окуган. 1958–60-ж. М. Күрөңкөев атн. муз.-хореогр. окуу жайынын кыргыз эл аспаптар бөлүмүндө сабак берген. Кыргыз иск-восунун (1939), ад-ты м-н иск-восунун (1958) Москвада, 1942–44-ж. О. Азия респ-ларынын ж-а Казакстандын Фрунзеде, Ташкентте өткөн муз. он күндүктөрүнө катышкан. «Сынган бугу», «Көкөй кести», «Такмаза», «Жөө калды», «Кара өзгөй», «Чоң кербез», о. эле акын-насыят ж-а филос. маанидеги «Насыйкат», «Ибарат», «Дүнүйө» ж. б. күүлөрдү чыгарган. К-нун күүлөрү («Ибарат», «Сынган бугу», «Көкөй кести» ж. б.) бир нече симф. ж-а опералык чыгармалардын, о. эле Кыргыз мамл. филармониясынын эл аспаптар оркестринин репертуарынын уюткусун түздү. 1951-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган. К. Эмгек Кызыл Туу, эки «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. 1961-ж. Кыргыз мамл. филармониясынын эл аспаптар оркестрине ж-а Нарын ш-ндагы муз. мектепке, Корумду айылындагы орто мектепке, көчөгө ысмы берилген. Музыка изилдөөчү Б. Алагушов Карамолдонун музейин анын айылында ачкан, «Карамолдо» (1962), «Карамолдонун күүлөрү» (1977) аттуу китептерди жазган.



КАРА МОЮЛ (Rhamnus) – өсүмдүктөрдүн крушиналар тукумундагы уруусу. Жалбырагы жөнөкөй, кезектешип, түшташ же топтошуп жайгашкан. Гүлү майда, бир, кээде 2 жыныстуу, чачыдай, шыпыргыдай топ гүлдү түзөт. Мөмөсү сөөкчөдөй, ширелүү, уругу сүйрү. Жер бетинде 140тай түрү бар. Европа, Африка, Азия, Сибирь, Ы. Чы-



гышта кездешет. Кырг-нда 3 түрү бадал арасында, тоодо өсөт. Ич алдырма К. м. Кырг-ндын бардык аймактарында кездешет. Кооз өсүмдүк. Бышкан мөмөсү кайнатылып, ич алма ж-а кусturгуч дары катары пайдаланылат. Жалбырагында С витамини, кабыгында өндөгүч зат болот.

КАРА-МЫК – Ош обл-нун Чоң Алай р-нундагы кыштак. Жекенди айыл округунун борбору. Ак-Суу суусунун боюнда, деңиз денг. 2360 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Дароот-Коргон кыш-нан 41 *км* түш.-батыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 376 *км*. 19-к-дын башында негизделген. Калкы 2485 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, мечит, чек ара заставасы, сейсмология станциясы, байланыш түйүнү бар. Ооруканa, үй-бүлөлүк врачтар тобу, соода түйүндөрү, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү иштейт.

КАРАНАЙ – Ош обл-нун Ноокат р-нундагы кыштак. Кызыл-Октябрь айыл округуна караштуу. Абшыр-Сай суусунун боюнда, деңиз денг. 1250 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ноокат ш-нан 23 *км* батыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. бекетинен 30 *км*. Кыштак 1885-ж. негизделген. Калкы 1618 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенип, мал м-н алектенет. Китепкана, бала бакча бар.

КАРАНДА́Ш (түркчө кара ж-а таш, даш) – жазуу, сүрөт тартуу, чийүү үчүн көмүрдөн, коргошундан, графиттен же кургак ныкталган боёктон ичке таякча түрүндө (көбүнчө жыгач же металл кутучада) жасалган өзөк. Италия К-тары 15-к-дан белгилүү. 18–19-к-да К. графит минералы м-н топурактын өзгөчө сортунун ар кандай катуулук даражасындагы кошундусунан турган. Азыр көбүнчө күйгүзүлгөн сөөктүн суу май желими м-н катырылган күкүмүнөн жасалат. Сангина ж-а пастель таякчалары да К. деп аталат.

КАРАНДА́Ш (өз аты-жөнү – Михаил Николаевич Румянцев) (24. 11. 1901, С.-Петербург – 31. 3. 1983, Москва) – цирк артисти. СССР эл арт. (1969), Соц. Эмг. Баатыры (1979). 1930-ж. цирк искусствосу техникумун бүтүргөн. Алгач Ч. Чаплинди туурап ойногон. 1934–35-ж. Ленинград циркинде франц. карикатурист-сүрөтчү Каран д' Аштын ысмын ылакап ат кылып алып, жаңы образдарды жараткан. К-тын каармaны – чоң эле киши, бирок анын бала кыял ж-а шайыр мүнөзү артистке күлкүлүү кырдаал түзүп, трюктарды ишенимдүү аткаруу үчүн мүмкүнчүлүк берген. К. акробат, гимнаст, жонглёр, дрессировщиктердин номерлерине катышкан. 1946-жылдан тартып клоун тобун жетектеген. Анын шакирттери: Ю. *Никулин*, М. Шуйдин ж. б. К. кинофильмдерге да тартылган («Карандаш муз үстүндө» ж. б.). Чет өлкөлөрдө гастролдо бол-



Карандаш аренада.

гон. Мамл. цирк ж-а эстрада өнөрү окуу жайына ысмы берилген, Ленин ордени м-н сыйланган.

КАРАНТИ́Н (итал. quaranta giorni – кырк күн) м е д и ц и н а д а – жугуштуу оорулардын (чума, холера, чечек ж. б.) чыккан жеринен таралып кетүүсүн алдын алуучу адм., санит. ж-а эпидемияга каршы чаралар жыйындысы. 14-к-да Италияда 1-жолу К. киргизилип, чума таралган өлкөдөн келген кемелерди 40 күн портко жолотпой, ачык деңизде кармашкан. К-ге жеке адам, үй-бүлө, бала бакчасы, жатакана, аскер бөлүгү, кеме, айыл-кыштак, район, облус, мамлекет ж-а өлкө аймагы ж. б. алынат. К-ге алынган зонадан башка жакка барууга алдын ала абсервациядан (убактылуу бөлүп, мед. байкоо жүргүзүү) өтмөйүнчө тыюу салынат. Мөөнөтү оорунун түрүнө жараша (жашыруун мезгилинен ашык) болот. Мис., холерада 5 күнгө, ич келтеде – 21 күнгө, сарыкта 1,5–2 айга созулат. Эгерде К-ге алынган жамаатта же үй-бүлөдө жаңы киши ооруса, К-дин мөөнөтү ошол күндөн баштап кайра узартылат. В е т е р и н а р и я д а – К. коюунун тартиби, ыланга каршы көрүлүүчү иш-чаралар, К-дин мөөнөтү ж-а аны алдын алуу тартиби КРдин Айыл чарба министрлиги тарабынан иштелип чыккан вет. уставда ж-а инструкцияларда каралган. Ылаң чыккан очоктон айланадагы жаныбарларга тез жугуучу ыландын диагнозу аныкталганда, тез арада К. коюлат. К. коюлуучу аймак (айыл, жайыт, ферма, чарба, район) ар бир инфекциялык ыландын өзгөчөлүгүнө ж-а ылаң чыккан жердин ыңгайына ж. б. кошумча факторлорго карата аныкталат. К. коюлган учурда аймак аркылуу малды айдап (транспортко салып) өтүүгө болбойт; чыккан ыланды тез жугузуучу жаныбарлар бул аймактан сыртка чыгарылбайт ж-а киргизилбейт; ал аймактан жаныбарларды, алардын продуктуларын, жаныбар сырьёлорун, тоют даярдоого тыюу салынат; базарлар жабылат, ошол жердеги соо малды ыландуулары м-н чогуу жаюуга, сугарууга, бир сарайда кармоого тыюу салынат; жугуштуу ыландан өлгөн малдын өлүгү тез арада өрттөлөт же утилденет; ыландаган же ылаң боюнча шектүү малдын тезеги (кыгын, жампасын), төшөлгөсү ж-а тоют калдыгы жугушсуздандырылат же өрттөлөт; мал сарайларга, куш короолорго баруучу [illegible]лдор жабылат. Эгерде т. ж. бекетине, аэропор[illegible], көлдөгү, порторго К. коюлса, А. ч. минис[illegible]гинин чечими б-ча вет. инструкцияга таян[illegible], жаныбарды, алардын продуктуларын, сыр[illegible]рун, тоюттарды сыртка же ичке ташуу[illegible]кюү салынат. К. эрежесинин так аткарылы[illegible] мамл. ветеринар инспекторлор көзөмөлдөйт. Өтө коркунучтуу жугуштуу ылаң чыккан [illegible]рда респ., обл. ж-а вет. уюмдар убактылуу атайын вет. К-дик отряддарды, посторду түзүп, К. эрежелеринин так аткарылышы көзөмөлгө алынат. К. ылаң толук токтогондон кийин, пландалган иш-чаралар толук аткарылган соң, вет. инструкцияга таянып, жерг. мамл. администрациянын (акимчиликтин) чечими м-н алынат. Эл аралык масштабда К. эрежелерин Эл аралык эпизоотиялык бюро (борбору Парижде) даярдайт.

Д. Раимбеков.

КАРАНТИ́Н ОТОО ЧӨПТӨР – өтө зыяндуу отоо чөптөр. Алар өлкөнүн өзүндө болушу же башка өлкөдөн (үрөн, жем, чөп ж. б. аркылуу) таралышы мүмкүн. Бөтөн өлкөдөн таралган отоо чөптөр жаңы жерде көбүрөөк зыян келтирет. А. ч. өсүмдүктөрүн коргоо үчүн К. о. ч-гө каршы жалпы күрөштөн тышкары атайын чаралар колдонулат: К. о. ч. м-н булганган үрөн себилбейт; ал тазалоо пунктуна жеткирилип, өзүнчө сакталат; булганч дан пайдаланууга алдында тазаланат. КМШ өлкөлөрүндө карантин чектелүүчү айрым отоо чөптөр: көп жылдык амброзия (Ambrosia psitostachya D. C.), сойломо кекире, каролин ит жүзүмү, тикендүү ит жүзүм, чырмооктор ж. б.

КАРА-ОЙ – Нарын обл-нун Ак-Талаа р-нундагы кыштак. Тоголок Молдо атн. айыл округуна караштуу. Нарын д-нын сол жээгинде, деңиз деңг. 1900 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Баетов кыш-нан 57 *км* түн.-чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 282 *км*. Кыштак 1929-ж. негизделген. Калкы 2793 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП, мечит бар. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры С. *Конгайтиев* туулган.

КАРА-ОЙ – Чүй р-нундагы кыштак. С. Ибраимов атн. айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1100 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Токмок ш-нан 23 *км* түш. тарапта. Кыштак 1931-ж. негизделген. Калкы 1025 (2007); негизинен дыйканчылыкта эмгектенип, мал м-н алектенет. ФАП иштейт.

КАРА-ОЙ, Д о л и н к а – Ысык-Көл р-нундагы кыштак. Кара-Ой айыл округуна караштуу. Ысык-Көлдүн түн. жээгинде, Балыкчы–Каракол автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1625 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Чолпон-Ата ш-нан 3 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 70 *км*. Кыштак 1911-ж. негизделген. Калкы 3073 (2007); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, 3 китепкана, спорт мектеби, мад-т үйү, музей, клуб, 2 мечит, мончо бар. Үй-бүлөлүк врачтар тобу, сооода түйүндөрү, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, тегирмендер иштейт. Кыштакта улуу ойчул *Калыгул* Бай уулу, Соц. Эмг. Баатыры М. Я. *Смирнов*, КРдин эл артисти А. *Кобогонов* туулган. Кыштакка жакын пансионаттар ж-а эс алуу жайлар жайгашкан. *Калыгулга* күмбөз тургузулган.

КАРА-ОЙ БАТКАК КЕНИ Ысык-Көл р-нунда, Кара-Ой (Долинка) кыш-нын түш.-чыгышында, Ысык-Көлдүн жээгинде. 1957-ж. табылып, 1965-ж. запасы, дарылык касиети аныкталган. Кен көл түбүндөгү чөгүндүлөрдөн пайда болгон. Үстүнкү катмары (калыңдыгы 0,2–0,3 *м*) күкүрттүү суутек жыттанган, асты бозомук кара (0,3 *м*) ж-а боз (0,2 *м*) илайдан турат. Алардын астында кум ж-а кум-чополуу илай жатат. Баткак аз минералдашкан (4,7 *г/л*), күкүрт суутектүү (100 *г* баткактагы H_2S 75 *мг/л*ге жетет). Баткактын нымдуулугу 43–53%, 0,25 *мм*ден ири бүртүкчөлөр 0,2%тен ашпайт. С. салм. 1,4–1,5 *г/см*^{3}. Аянты 2200 *м*^{2}, орт. калыңдыгы 0,7 *м*. Запасы 74,6 миң *т*.

КАРА-ОЙ ЖАРЫМ АРАЛЫ Ысык-Көлдүн түн. жээгинде. Кара-Ой кыш-нын жанында. Көлгө 3,1 *км* кирип жаткан аккумуляциялык урчук. Туурасы 4,5 *км*. Кумдук, чопо, шиленди тектерден түзүлгөн. Голоценде туурасы 2,1– 0,74 *км* болгон тектир пайда болгон. Эки капталынан Чоң-Кой-Суу ж-а Чолпон-Ата сууларынын өрөөндөрү м-н чектешет. Суу астындагы улandысы 2,5 *км*ге (20 *м* терендикке чейин) созулат. Жээгинде кумдуу пляждын тилкеси (туурасы 10 *м*ге чейин) бар. Батыш жээги шагылдуу сайроондордон турат. Капталдарында кумдук тоо тегинин такталары 3–5 *м* терендикке чейин жетет. Чыгыш жээгинин ортонку бөлүгүн (300 *м*ге чейин) кумдук текши каптайт. Кара-Ой тумшугундагы кумдуу пляж 1979-жылдан 1985-ж. чейин 100 *м*ге кеңейген. Жарым аралдын чыгыш жагында (тумшукка жакын) туурасы 10–50 *м*ге жеткен лагуналар жатат. К.-О. ж. а-на эс алуу жайлары курулган.

КАРА-ОЙ КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ Талас р-нунда, Кара-Ой кыш-нын жанында, Чоң Чычкан ж-а Үч-Кошой суулары кошулган жерден 1,5 *км* түштүктө жайгашкан. 1981–82-ж. Түн. Кыргыз геол. экспедициясы чалгындаган. Кен аймагын антропоген мезгилинде пайда болгон чөкмө тектер түзөт. Кум-шагыл Үч-Кошой суусун бойлой жайгашып, кашаттуу тектирден турат. Уз. 1760 *м*, жазылыгы 100 *м* аянтты ээлейт. Шагыл жакшы жумуруланган. Гранулометрлик курамы: 500–70 *мм* – 49,02%, 70–5 *мм* – 31,53%, 5 *мм*ден майдасы – 19,45%. Шагылды майдалагандан кийин «300», «400» маркасындагы бетонго, кумун жолго пайдаланса болот. Кендин запасы: А категориясы б-ча 576 миң *м*^{3}, В – 504 миң *м*^{3}, C_1 – 2844 миң *м*^{3}, А+В+C_1 – 3924 миң *м*^{3}, C_2 – 1536 миң *м*^{3}.

КАРА ӨПКӨ (Pleuropneumonia infectiosa caprarum) – эчкинин жугуштуу ылаңы. Ылаңдаткычы – Mycoplasma mycoides var capri микроорганизми. Табигый шартта 3 жашка чейинки эчкилер ыландайт. Ыландын негизги булагы ыландуу ж-а ыландап айыккан эчкиден дем алуу органдары аркылуу жугат. Багуу ж-а тоюттандыруу начар болгондо ж-а жылдын суук мезгилинде ылаң өтө тез тарайт ж-а оор өтөт. Улак чоң эчкиге караганда туруктуу келип, көбүнчө 5–8 айлыгында ыландайт. Табигый ылаң тараткычтар – жапайы эчки-теке, элик ж. б. ача туяктуулар. Ыланга чалдыккан малдын 90–100%и өлөт. Ыландын букма (жашыруун) мезгили 5–20 күн. Ылаң курч ж-а өнөкөт өтүшү мүмкүн. Ылаң курч өткөндө малдын жалпы абалы начарлайт, темп-расы 1–2 градуска жогорулайт. Адегенде тумшугунан сары суу, кийинчерээк ириндүү илээшкек суюктук куюлат, жөтөлөт, 2–3 күндөн кийин жөтөлү күчөйт, кырылдайт, деми кыстыгат, чычкактайт. Бооз эчки улак салат. Ылаң өнөкөт өткөндө акырындык м-н малдын темп-расы калыбына келет, жалпы абалы оңоло баштайт, мезгил-мезгили м-н гана жөтөлөт. Багуу жакшыртылып, убагында дарыласа, көпчүлүгү айыгат. Вакцина м-н ылаң чыккан чарбада алдын алуу максатында эчки 7 күн аралык м-н эки жолу эмделет. Алдын алуу үчүн башка жактан алынып келинген эчкилер 30 күндүк карантинге коюлуп, ыландын бар же жогу текшерилет.

Ад.: *Раимбеков Д.* Эпизоотология жана айыл чарба жаныбарларынын жугуштуу ылаңдары. Б., 2007.

КАРА ӨРҮК, к. *Кайналы.*

КАРАПА, к е р а м и к а – бышырылган чопо; чоподон бышырылып жасалган буюм. К. тиричиликтин бардык тармагында (идиш-аяк, кыш, скульптура, сувенир ж. б.) кездешип, анын терракота, майолика, фаянс, ташчулу, чыны (фарфор) ж. б. технол. түрлөрү бар. К-нын эң сонун үлгүлөрү ар элдин ар мезгилдеги өнөрүнүн жетишкендиктерин айгинелейт. Чопонун колектөөгө ийкемдүүлүгүн байкаган адамдар аны палеолит доорунда эле колдоно (адам, жаныбарлардын тулкусу) баштаган. Айрым изилдөөчүлөр чопону бышыруу соңку палеолитке таандык, бирок анын катуулук, суу өткөрбөстүк ж-а отко чыдамкайлык касиетин неолит доорунда даана

түшүнүшкөн дешет. Турмуштук зарылдыктан келип чыккан К. жасоо өнөрү ар бир элдин өзгөчөлүгүнө ылайык өнүгүп келген. Андагы оймо-чиймелер, айрыкча клинопись маанилүү тарыхый дарек болуп саналат. К. алгач оймо-чиймеленип, тамак-аш сактоо үчүн жасалган. Б. з. ч. 3 –2-миң жылдыктарда ташып жүрүүгө, тамак бышырууга оңтойлонуп, боорунда жазуулар пайда болгон. Триполь мад-тынын тушунда (б. з. ч. 4–3-миң жылдык) сырты бышырылган ж-а оймолонгон чопо тамдардын болушу К-нын курулуш материал катары колдонулгандыгын айгинелейт. К. кийин металл өндүрүүдө кеңири пайдаланылган. Байыркы Египет, Вавилонияда ж-а Ж. Чыгыштын башка өлкөлөрүндө сый идиштердин бетин түркүн түстө чынылап жасап, имараттарды кыш м-н (адегенде чийки кыш, кийин бышкан кыш м-н) кынай баштады. Орус эли 10-к-дан К. жасашып, алардын бетин жашыл түс м-н кооздошкон. 17-к-да идиш жасоочу мануфактура тибиндеги устаканалар иштеген. 1744-ж. Петербургда туңгуч чыны (фарфор) з-ду (азыркы В. М. Ломоносов атн. з-д) негизделген. Октябрь рев-ясынан ки-



Фрунзе айнек заводунун карапа цехинде даярдалган кооз карапа буюмдары: идиш-аяк, гүл салгычтар (1978).

йин чыны буюмдарды жасоого айрыкча көңүл бурулган. К. б-ча Женевада эл аралык К. академиясы изилдөө иштерин жүргүзүүдө. Кырг-нда К. жасоо иши кийинчерээк жандана баштап, Бишкек, Токмок ш-ндагы айнек з-ддорунда К-нын бир нече түрү чыгарылган. Учурда К. жасоо цехтеринде турмуш-тиричиликке керектүү К. буюмдары жасалууда.

А.: Стекло и керамика XXI: Перспективы развития. СПб. 2001.

КАРАПАЧЫЛЫК, к у м а р а ч ы л ы к – чопону бышырып, түрдүү буюмдарды (идиш-аяк, оюнчук, сувенир, чырак, кирпич, черепица ж. б.) жасап чыгаруу. К. от сыяктуу улуу ойлоп табуулар м-н бир катарда турат ж-а адамзаттын жапайылыктан варварчылыкка өтүшүнүн жышааны болгон. О. кылымда дүйнөдөгү отурукташкан элдин көпчүлүгү К-ты өздөштүргөн. Алгач К-тын жөнөкөй ыкмалары колдонулса,



кийин төмөндөгүдөй технол. ыкмалар пайдаланылган: 1) д а я р д о о иши. 2) ж а о о иши. 3) б е м д ө ө иши. рапа үчүн кума- очогу ж-а ку- а чарыгы кол- улат. Кумара гу – кумара буюмдарын бышыруучу меш. байыркы Чыгыш өлкөлөрүндө б. з. ч. 3-миң жылдыкта пайда болгон. Кумара чарыгы – идиш ж. б. карапа буюмдарын формалоо үчүн айлануу инерциясын пайдаланып, буюмдун формасын жакшыртуу, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берген жөнөкөй станок. К ө р к ө м к а р а п а ч ы л ы к т ы н өнүгүшүндө карапа жасоочу чопо ж-а анын аралашмасын, калыбын түшүрүү, бышыруу, ийлөө ж-а буюмдун бетин кооздоо ыкмаларын табуу зор роль ойноду. Кытайдын чыдамдуу чыны буюмдары Европа м-н Азиянын көп өлкөлөрүндө көркөм К-нын өнүгүшүнө кыйла таасир тийгизди. Анын негизинде Самарканд м-н Бухарада чынылап капталган имараттар пайда болгон (10–15-к.). Кырг-нда көркөм К. кийинчерээк өнүгө баштады. К. чеберлери жердикке Кара-Кеченин ак, Өзгөн, Ивановканын кызыл, Таластын сары ж-а Кажы-Сайдын когүш топурактарын пайдаланат. Карапачы алгач жасалуучу буюмдун үлгүсүн кагазга түшүрөт. Топуракты торко электен өткөрүп, эки-үч күн чылап, ачытат. Аябай эзилген соң, аны калыпка куят. Суусу соругуп, нымдалып, топурак ийине келет. Анан кол м-н жууруп, ийлеп, көркөм калыпка түшүрөт. Калып топурактын нымын соруп, акырын көмкөрсө, өзүнөн-өзү аңтарылып түшөт. Кургатып, 800°ка чейинки ысык отко бышырат. Суугандан кийин аны боёп, кайра 1000–1200°темп-рада ысытып жалтыратат. Мындан ар түрдүү вазалар, идиштер (челек, табак, көөкөр, аяк, кесе, чай чыны) дубалга илинүүчү кооздук буюмдар, кыз-келиндердин жасалгалары, бедиздер ж. б. жаралат. Учурда Ж. Ташиев, Э. Шаршеев, К. Кулуев, Э. Кылычбеков ж. б. карапачы-чеберлер мурдатан колдонулуп келген көркөм К-ты андан ары өркүндөтүшүп, жаңы мазмундагы эмгектерди жаратышууда. Белгилүү К. чебери Ж. Ташиевдин «Саймалуу-Таш», «Таш табак», «Умай эне», «Тогуз-Коргоол» ж. б. эмгектери эл аралык (Япония, Улуу Британия, Германия, АКШ, Канада, Жаңы Зеландия, КМШ ж. б.), бүткүл союздук, респ. көргөзмөлөргө коюлуп, чет элдиктердин кызыгуусун туудурууда.

Ад.: Искусство керамики. Под ред. *Н. С. Степанян.* М., 1970; *Августиник А. И.*, Керамика. 2-е изд. Л., 1975; *Акматалиев А. С.* Кыргыздын уз-усталары.

Б., 1997; Стекло и керамика XXI: Перспективы развития. СПб., 2001.

КАРАПЧЫ – байыркы жоокерлердин коргонуу куралы. Ал билекке, колдун кырк муунунан чыканакка чейин кийгизилген. К. алгач катуу жыгачтан, булгаары же кайыш капталган шириден, кийин металлдан жасалган. *Чокмор, шылк этме, ай балта, кылыч, канжар* окшогон куралдардан коргонуу үчүн колдонулган. К-ны атчан жоокерлер пайдаланган. Атма куралдар чыккандан кийин К. пайдаланылбай калды.

КАРА-САДАК – 11–12-к-дагы феодалдык чарбак-сепилдин калдыгы табылган жер. Куршаб суусунун Кара-Дарыяга куйган жерине жакын жерде жайгашкан. Чарбактын аянты 30×30 *м*; дарбазасы түн. тарабындагы дубалдын ортосунда болгон. Турак жай ж-а чарбалык курулуштар дубалдарды бойлото салынган. Алардын айрымдарынын тамандарына бышкан кыш төшөлгөн. Казуу учурунда очок, меш, тыйын, жаргылчак ж. б. табылган. О. кылымдагы Кырг-ндын материалдык мад-тын изилдеп билүүдө К-тын мааниси чоң.

КАРА-СААДАК КӨРҮСТӨНҮ – 1–5-к-га таандык дөбө-мүрзөлөр. Куршап суусунун Кара-Дарыяга куйган жерине жакын жайгашып, 60тай мүрзөдөн турат. Диаметри 5–20 *м*, бийикт. 0,5–1,5 *м*. Маркумдардын сөөгү казанактуу жайга коюлган. Булардын ичинен 12 мүрзө изилденип, ар кандай түрдөгү ж-а чоңдуктагы карапа идиштер, темир бычактар, азем буюмдар ж. б. табылган.

КАРАСАЕВ Хусеин (5. 1. 1901, Ысык-Көл обл., Түп р-ну, Кең-Суу айылы – 31. 1. 1998, Каракол) – тилчи-лексикограф, алгачкы агартуучулардын ж-а Кырг-нда сөздүк түзүүгө негиз салуучуларынын бири, педагог, котормочу, публицист, проф. (1966), КР УИАнын ардактуу академиги (1992), КРдин К. Тыныстанов атн. илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (1993). Караколдогу орустузем мектебинен билим алган (1914–16). 1923-ж. Ташкенттеги Кыргыз-казак агартуу ин-тунда окуп жүргөндө И. Арабаев, К. Тыныстанов м-н бирге кыргыздын алгачкы гезити «Эркин-Тоону» чыгарууга (1924) катышкан. Ленин атн. Орто Азия мамл. ун-тинин жумушчу ф-тинде кыргыз тили мугалими (1925–26), Ленинграддагы А. Енукидзе атн. Чыгыш ин-тун бүтүрүп (1931), ошол ин-тта, кийин Москвадагы М. Ломоносов атн. ун-тинин Чыгыш ф-тинде кыргыз ж-а түрк тилдери мугалими (1949–50), Кыргыз маданий курулуш ил.-из. ин-тунда, Тил, адабият ж-а тарых ил.-из. ин-тунда улук ил. кызматкер (1931–



40; 1941–55), СССР ЭКСте редактор (1940–41), КМУда (азыр КУУ) окутуучу (1951–74) болуп эмгектенген. 1924-ж. араб графикасынын негизинде кыргыз алфавитин түзүүгө катышкан. Ал эми 1927-ж. К. Тыныстанов м-н бирге латын тамгасынын негизиндеги жаңы алфавиттин долбоорун түзүп, Самарканддагы кеңешмеге катышкан. Натыйжада, «Сабат ачкыч» алиппени (1927), И. Арабаев м-н бирдикте жаңы латын алфавитинин негизинде «Жаңылык» аттуу окуу китебин жазып, 1928-ж. басмадан чыгарган. Бул алиппе китеби кыргыз эли латын тамгасын кабыл алган кезде, жаңы тамга м-н биринчи басылып чыккан эң мыкты окуу куралы болуп, сабатсыздыкты жоюуга зор кызмат кылган. Анын лексикогр. багыттагы изилдөөлөрү үч аспектиге бөлүнөт: 1) орфограф. сөздүктөр; 2) кош тилдүү котормо сөздүктөр; 3) лингвистикалык-этимол. сөздүктөр. Ал Тыныстанов м-н бирге тил терминдеринин сөздүгүн, алгачкы «Орусча-кыргызча сөздүктү» (1938, И. Батманов м-н бирге), «Орусча-кыргызча сөздүктү» (1944, К. Юдахин, Ж. Шүкүров м-н бирге) түзгөн. 1956-ж. Ю. Яншансин м-н «Орфографиялык сөздүктү» түзүп, кийин бул сөздүктү өзү толуктап, 60 миң сөздөн турган «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүн» (1966), кийин 1970–80-ж. «Түгөйлүү сөздөр» (1971), эки томдон турган «Накыл сөздөр» (1982; 1987), «Өздөштүрүлгөн сөздөр» (1989), «Камус наме» (1992) аттуу сөздүк-китептерди чыгарган. «Манас», «Семетей» эпосторун кагаз бетине түшүрүүгө да салым кошкон. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Каракол ш-нда эстелиги коюлуп, К. Тыныстанов атн. Ысык-Көл мамл.ун-тинде музейи ачылган ж-а БГУга ысмы берилген (1993).

КАРАСАЕВА Алтынай Хусеиновна (1939-ж. т., Москва обл., Кунцева р-ну, Одинцов айылы) – медицина илимд. доктору (1985), проф. (1993). КММИни (1963), ошол эле жерде аспирантураны бүтүргөн (1966). 1966-жылдан КММИде ассистент, доцент болуп иштеген. 1976-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Бийик тоо физиологиясы ж-а эксперименттик патология ИИИде лабор. башчы, КММИде кафедра башчысы (1985–2000), 2000-жылдан КРСУда проф. Нормалдуу ж-а патол. физиология б-ча адис. 100дөн ашык ил. эмгеги, а. и. бир нече монографиясы бар.

Эмг.: Механизм регуляции сократимости гладкомышечных клеток сосудов легких при гипоксии. Ф., 1986.

КАРА-САЗ – Кичи Нарындын оң куймасы. Нарын р-ну аркылуу аккан суу. Уз. 45 *км*, алабынын аянты 425 *км*². Капка-Таш тоосунун түн. капталынан башталып, Кара-Каман ж-а Капка-Таш тоолорунун аралыгындагы түзөң, саздуу өрөөн аркылуу агат. Башталышында Бел-Тепши, ортоңку агымында Чардак-Суу ж-а Таш-Кечүү деп аталат. Ири куймалары: Корумду-Суу,

Кара-Булак, Ичке-Булак, Бел-Булак. Жылдык орт. чыгымы 2,5–3,7 $м^3/сек$. Эң көбү июль–августта, азы январь–февралда байкалат. Апрель–сентябрда кирип, октябрь–мартта тартылат.

КАРА-САЗ – Нарын обл-нун Кочкор р-нундагы кыштак. Кош-Дөбө айыл округуна караштуу. Үкөк суусунун боюнда, деңиз денг. 1995 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кочкор кыш-нан 16 *км* түш.-чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 76 *км*. Кыштак 1930-ж. негизделген. Калкы 1396 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, мад-т үйү, ФАП, амбулатория бар. Улуу Ата Мек. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Кыштактын эки тарабы тең саз болгондуктан, К.-С. аталып калган.

КАРА-САЙ – Талас обл-нун Кара-Буура р-нундагы кыштак. Бакайыр айыл округуна караштуу. Деңиз денг. 2100 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кызыл-Адыр кыш-нан 35 *км* түш.-батыш тарапта. Маймак т. ж. бекетинен 35 *км*. Кыштак 1932-ж. негизделген. Калкы 2790 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, мончо бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, дарыкана, соода түйүндөрү, тегирмен, майжуаздар иштейт.

КАРА-САЙ – Чоң Нарындын сол куймасы. Жети-Өгүз р-нунун аймагы м-н агат. Уз. 61 *км*, алабынын аянты 845 $км^2$. Ак-Шыйрак тоо тоомунун түн.-батыш капталындагы мөңгүлөрдөн башталып, түш.-батышты, түштүктү, андан кийин батышты карай агат. Башталышында капчыгай аркылуу өтүп, тоодон чыкканда нугу кумдуу келип, саздуу өрөөн м-н агат да, салааларга бөлүнүп, Чоң Нарынга сол жактан куят. Ири куймалары: оңу – Ачык-Таш-Төр, Кундай, Кырк-Коо-Суу, солу – Эгиз-Төр, Сары-Төр, Туюк-Чакыр-Корум. Жылдык орт. чыгымы 13,9 $м^3/сек$. Апрелде кире баштап, сентябрь–октябрда тартылат. Эң көп чыгымы июль–августта, азы январь–февралда байкалат.



Кышкы Кара-Сай.

КАРА-САЙ ӨРӨӨНУ Нарын д-нын жогорку алабында. Түндүгүнөн Кызыл-Эшменин байыркы морена кырлары, чыгышынан Ак-Шыйрак, түштүгүнөн Борколдой кырка тоолору м-н чектешет. Жети-Өгүз р-нунун айм[illegible]ында жайгашкан. Аянты 854 $км^2$, чыгыштан [illegible]ышка 61 *км*ге созулат. Туурасы 1–9 *км*. Бий[illegible]. 3200–4000 *м*. Таманы төртүнчүлүк мезгилин[illegible]борпоң чөкмө тектери м-н капталган. Жог[illegible]болүгү мореналуу тепши сымал; ортосу т[illegible]розиялык, төмөнкү бөлүгү жайылган кашат[illegible] Орто бөлүгүнүн сол жээги (уз. 15–20 *км*, т[illegible]асы 1–1,5 *км*) борпоң майда кум катмары м-[illegible]капталып, аян-



Өрөөндүн Тарагай тарабы

ты барган сайын кеңейүүдө. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы –21°С, июлдуку 4–9°С. Жылдык жаан-чачыны 186 *мм*. Шамал көбүнчө батыштан согот. Өрөөндүн башында Түн. Кара-Сай (аянты 46,5 $км^2$, уз. 12 *км*, туурасы 1–1,5 *км*) ж-а Түш. Кара-Сай (аянты 17,2 $км^2$, уз. 4 *км*), туурасы 1 *км* өрөөн мөңгүлөрү, сол өндүрүндө аянты 3,8 $км^2$ келген *асылма мөңгүлөр* жатат. Өрөөн аркылуу *Кара-Сай* суусу агат. Жогорку ж-а ортонку бөлүгүндө булактар, саз ж-а майда көлдөр кездешет. Шалбаалуу субальп (шимүүр, тогуз төбөл, суйсан, чыйпылдак, чекилдек, каз таман, ак сокто, бетеге жер жаздык, тоо сойгок, кымыздык, донуз сырты ж. б.) бийик тоолуу ландшафттары мүнөздүү. Өрөөндө Ысык-Көл обл-нун Жети-Өгүз р-нунун малы багылат. Автомобиль жолу аркылуу Ысык-Көл ойдуну м-н байланышат. Барскон – Ак-Шыйрак электр зымы өтөт.

КАРА САН – малды калтыратып, булчун эттерин шишитип, карартып жиберүүчү жугуштуу ылаң. Ылаңдаткычы – анаэробдук шартта өсүүчү таякча түрүндөгү бактерия. Уз. 2–8 *мкм*, туурасы 0,6–1,0 *мкм*. Капсуласы жок, чойродо спора пайда кылат. Спорасы түрдүү шарттарга чыдамдуу келет, топуракта бир канча жылга, малдын тарпында, кыкта 6 айга чейин сакталат. Көбүнчө 3 айдан 4 жашка чейинки бодо, уян, кылчык жүндүү ж-а эт, жүн багытындагы койлор ыландайт. Меринос тукумундагы ж-а кылчык жүндүү жерг. койлор ыланга туруктуу

келет. Ылаң козгогучунун булагы – ыландаган мал. Ылаң көбүнчө тамак сиңирүү жолу (алиментардык), о. эле жараланган тери аркылуу жугат. Ылаңдын букма мезгили 6–24 *с*, кээде 5 күнгө созулат. Бул ылаң негизинен курч өтөт. Дартка чалдыккан булчун эт шишип, башында ысып, чыңалып чыгат. Шишиктин үстүндөгү тери кургап, бир нече сааттан кийин карарып кетет, булчуңдарга газ толгондуктан, басканда чырт эткен үн чыгат. Кээде септикалык формада курч өтөт. Мындай малдын деми кыстыгат, калтырайт, аксайт, оозунан көбүктөнгөн шилекей агат, тиштерин кычыратат, ичи көбөт. Ылаң 6–24 *с* ичинде малдын өлүмү м-н аяктайт. Кээде гана ылаң 2–3 күнгө дейре созулат. Ылаңды эпизоотол. маалыматтардын, клиникалык белгилердин, патанат. өзгөрүүлөрдүн ж-а лабор. изилдөөлөрдүн негизинде аныктайт. К. с-ды *сибирь кулгунасынан* ж-а килең шишигинен айырмалоо зарыл. К. с-га эрте диагноз коюп, дарылоо кечиктирилбей башталса гана ийгиликке жетишүүгө болот. Ылаң байкалган жерде К. с-га каршы концент. формолвакцина (өлүү) же тирүү вакцина колдонулат. Ылаң чыккан чарбаларга *карантин* коюлат. К. с. Кырг-нда да кездешет.

КАРА-САН КОРУКЧАСЫ – Лейлек р-нундагы аңчылык корукчасы (заказниги). Түркстан кырка тоосунун түн. капталында, Лейли-Мазар, Жети-Көпүрө, Өрөм сууларынын алабындагы тоо капталдарын ээлейт. Аянты 15,0 миң *га*. Азайып бараткан доңуз, чүткөр, элик, тоо эчки, улар ж. б. жаныбарларды коргоо ж-а көбөйтүү максатында 1973-ж. уюшулган.

КАРАСАРТОВ Абдылда (9. 5. 1935, Жети-Өгүз р-ну, Барскон кыш. –15. 2. 1994, ошол эле жер) – тоо өткөөлчүсү, СССР мамл. сыйл. лауреаты (1976). Каменск (1958–61) ж-а Волков (1962–63) геол. экспедицияларынын өткөөлчүсү. 1963–86-ж. Кыргыз ССР Геол. башкармалыгынын Үч-Кошкон, Сары-Жаз экспедицияларында өткөөлчү, өткөөлчүлөр бригадири. Кырг-нда табылган калай кендерин геол. чалгындоо жумуштарына активдүү катышкан. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

КАРАСАРТОВА Койсун (1926, Нарын обл., Ат-Башы р-ну, Кара-Суу айылы – 9. 5. 2009, Нарын ш.) – драма артисти, КРдин эл арт. (1997). Нарын театрында (1940–49), М. Баетов атн. мад-т үйүндө (1949–51), Ысык-Көл (1951–61), Нарын (1961-жылдан) драма театрларында иштеген. К. ар түрдүү жанрдагы спектаклдерде көптөгөн образдарды жараткан. Аткарган ролдору: Гүлгаакы (К. Жантөшев, «Курманбек»), Шалтаке (К. Маликов, «Алмашым»), Айкүмүш (Ж. Садыков, «Таабалды Пудовкинди эскерип»), Парчагүл (С. Кожониязов, «Сүйбөгөнгө сүйкөнбө»), Келин (Ж. Абдыкадыров, «Жүрөгүм менин тоолордо»), Бакыттын эжеси (С. Раев, «Күн кармаган бала»). К. ырчы катары да белгилүү. Кыргыз, казак, өзбек, уйгур ырларын С. *Андабеков* м-н бирге чебер аткарган. Медалдар м-н сыйланган.





К. Карасартова ж-а С. Андабеков, эл ыры «Кыздар ай». 1982.

КАРА-СӨГӨТ – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Катта-Талдык айыл округуна караштуу. Керме-Тоонун этегинде, деңиз денг. 1460 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 66 *км* түш.-чыгыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 21 *км*. Калкы 1583 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана ж-а ФАП бар.

КАРА СӨЗ, к. *Проза*.

КАРА СУГАТ – жерди айдар алдында сугаруу. Кош айдоо үчүн жердин үстүнкү катмарына ным топтоп, жумшартуу, о. эле себилген үрөн текши өнүп, өсүмдүктөрдүн алгачкы вегетация учурунда жакшы өсүшү үчүн жүргүзүлөт.

КАРАСУК МАДАНИЯТЫ – коло доорунун аягындагы археол. мад-т (б. з. ч. 2-миң жылдын аягы –1-миң жылдын башталышы). К. м. негизинен Түш. Сибирдин тоолуу р-ндорунда, Казакстанда ж-а Обь д-нын жогорку агымында тараган. Мында эл отурукташкан жайлардын калдыгы ж-а ар биринде жүздөн ашуун мүрзөсү бар көрүстөндөр калган. Маркумдардын сөөгү таш үкөккө салынып, капталдары таш м-н кыналган тегерек же чарчы мүрзөлөргө көмүлгөн. К. м-нын уруулары энелик доордон аталык доорго өтүү мезгилинде жашаган. Алар мал чарба, дыйканчылык м-н кесиптенишип, карапа идиштерин, коло буюмдарын көп жасап, айрымдарын айбандардын сүрөтү м-н кооздошкон. Жез казып алып, аны иштетүүнү да билишкен. Моңголия, Байкал, Батыш Сибирь, О. Азия калкы м-н байланышта болгон.

КАРА СУУ – тоо этектеринде же тоо аралык өрөөндөрдө кыртыш сууларынан чыккан булак же чакан агын суу. Суусу тунук, кээде бир аз минералдашкан. Нымдуу, саздак жерлерден, токойлордон агып чыгат да, көптөгөн суулардын башаты болот. Ак суудан айырмасы – К. с-дан башталган суулар жайында кирбейт, суусунун тазалыгы ж-а тунуктугу м-н өзгөчөлөнөт. Кыргндын аймагында «кара суу» аталган жер-суу, айыл-кыштактардын аталыштары өтө көп.

КАРА-СУУ – Аксы р-нунун аймагы аркылуу аккан суу, Нарындын оң куймасы. Уз. 85 *км*, алабынын аянты 2800 *км*². Чаткал кырка тоосунун түн.-чыгыш капталынан башталып, жогорку бөлүгүндө кууш ж-а терең капчыгай, ортоңку ж-а төмөнкү бөлүктөрүндө кенен ж-а токойлуу өрөөн м-н агат. Өрөөнүндө шилендилер, шагыл таштар ж-а мореналар кезигет. Алабында көлдөр бар. Жылдык орт. чыгымы 41,2 *м*³/*сек*. Эң көп чыгымы май айында, азы январда байкалат. Ири куймалары: Кожо-Ата, Авлетим, Турдук, Ак-Жол. Сугатка пайдаланылат. Алабынан Сары-Челек көлү ж-а коругу орун алган. Жээгинде Ак-Жол, Кара-Суу, Тегене кыш. жайгашкан.

КАРА-СУУ – Токтогул р-нундагы суу, Нарындын сол куймасы. Уз. 89 *км*, алабынын аянты 1080 *км*². Фергана тоо тизмегинин түн. капталындагы Капка-Таш ж-а Кара-Суу көлдөрүнөн башталат. Жогорку агымы Капка-Таш аталып, өрөөнү кууш. Тоодон чыга бериште өрөөнү кеңийт да, Нарынга куят. Жылдык орт. чыгымы 10,4 *м*³/*сек*. Көп чыгымы июнда, азы мартта байкалат. Май айында кире баштап, ноябрда тартылат. Ири куймалары: Кайыңды-Суу (32 *км*), Жаңгакты (15 *км*), Шылдырак (13 *км*) ж-а Кара-Багыш (12 *км*). Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Кара-Көл ш. жайгашкан.

КАРА-СУУ – Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нундагы кыштак. Кара-Суу айыл округунун борбору. Деңиз деңг. 940 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кербен ш-нан 67 *км* түн.-чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 50 *км*. Калкы 1050 (2008); негизинен мал чарбасы м-н алектенип, дыйканчылыкта эмгектенет. Орто мектеп, мад-т үйү, ФАП бар.

КАРА-СУУ – Жалал-Абад обл-нун Тогуз-Торо р-нундагы кыштак. Кара-Суу айыл округуна караштуу. Нарын д-нын оң өйүзүндө, деңиз деңг. 1275 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Казарман кыш-нан 3 *км* түн. тарапта. Көк-Жаңгак т. ж. бекетинен 120 *км*. Кыштак 1930-ж. негизделген. Калкы 1675 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет.

КАРА-СУУ – Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нундагы кыштак. Жаңы-Жол айыл округуна караштуу. Жала-Бек тоосунун түш. этегинде, деңиз деңг. 940 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Токтогул шаарчасынан 2 *км* батыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 185 *км*. Калкы 1770 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенип, мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП, мо[illegible]о бар.

КАРА-СУУ – Нарын обл-нун Ат-Башы р-нундагы кыштак. Кара-Суу айы[illegible]ругунун борбору. Кошой-Коргон тоосунун э[illegible]нде, Бишкек – Торугарт автомобиль жолу[illegible] боюнда, деңиз деңг. 2140 *м* бийикте жайгаш[illegible] Райондун борбору Ат-Башы кыш-нан 20 *к*[illegible]атыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен [illegible] *км*. Кыштак 1929-ж. негизделген. Калкы 4[illegible]1 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, спорт комплекси бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, ФАП, байланыш бөлүмү, соода түйүндөрү иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Кыштакта КРдин эл артисти К. *Карасартова* туулган.

КАРА-СУУ – Ош обл-нун Алай р-нундагы кыштак. Будалык айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1870 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 18 *км* чыгыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 101 *км*. Кыштак 1938-ж. негизделген. Калкы 1001 (2010); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КАРА-СУУ – Талас обл-нун Кара-Буура р-нундагы кыштак. Бейшеке айыл округуна караштуу. Кара-Суу суусунун боюнда, деңиз деңг. 880 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борб. Кызыл-Адыр кыш-нан 8 *км*. Маймак т. ж. бекетинен 65 *км*. Кыштак 1930-ж. негизделген. Калкы 2956 (2007); негизинен мал чарбасы м-н алектенип, дыйканчылыкта эмгектенет. Орто мектеп, китепкана бар. Мончо, ФАП, тегирмен иштейт.

КАРА-СУУ (Д ө л ө н ч ө к) – Ош обл-ндагы шаар. Кара-Суу р-нунун адм. борбору. Шаар статусун 1960-ж. алган. Облустун борбору Ош ш-нан 24 *км* түн. тарапта. Ош – Кара-Суу түздүгүндө деңиз деңг. 720–780 *м* бийикте, Ош – Бишкек автомобиль жолунун боюнда жайгашкан.

Калкы 20,9 миң (2009). 1959-жылдан 2007-ж. чейин шаар калкы 1,7 эсе өскөн. Шаарда кыргыз, өзбек, орус, татар, тажик ж. б. улут өкүлдөрү жашайт.

К.-С. шаары – Ош обл-нун ири ө. ж. борбору. Шаардын ө. ж-нын негизин – пахтаны кайра иштетүү тармагы (облустун ө. ж. продукциясынын 52%тен ашыгы), «Ак алтын» (райондо өндүрүлгөн кебез буласынын 40,0%ин даярдайт) ж-а «Бектур» АК (экөө биригип райондун ө. ж. продукциясынын 90%ин берет), кебез буласын өндүрүүчү ишканалар түзөт. Тамак-аш, ун-акшак, аралаш тоют даярдоочу ө. ж. өндүрүшү өнүккөн. «Аска» АК (өндүрүштүк кубаттуулугу 380 *т* чигит ж-а 150 *т* күн карама данын иштете алат) өсүмдүк майын чыгарууга адистешкен. «Улук нан» нан з-ду иштейт. Ун-акшак ж-а аралаш тоют ишканасы, «Кара-Суу дан азык» АК шаардын ө. ж. чыгарган продукциянын 40%ке чейинкисин өндүрөт. Машина куруу ж-а металл иштетүү тармагында автомобиль оңдоочу «Кара-Суу» АК иштейт.

Кара-Суу ш. – Ош обл-нун ири жол тоому. Негизинен автомобиль ж-а т. ж-дору өнүккөн. Кара-Суу т. ж. бекети – Кырг-ндын түштүгүндөгү ири [illegible]ет.

[illegible]да 7 орто мектеп (а. и. балдардын спорт ж-а [illegible] мектептери), китепканалар, мад-т үйү, ки[illegible]тр, бала бакча, стадион, мечит бар. Оор[illegible], бейтапкана, дарыкана, учук диспансери[illegible]атария-эпидемиология станциясы, турмуш[illegible]чилик кызматы, ресторан, кафе-барлар, «Кара-Суу» базары (О. Азиядагы эң ири базарлардын бири), тамактануу ж-а соода жайлары иштейт. В. И. Ленинге, Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КАРА-СУУ (Үч-Булак, Алкым, Кара-Ой) – Нарын обл-нун Кочкор р-нундагы кыштак. Ак-Кыя айыл округуна караштуу. Бишкек – Торугарт автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1855 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кочкор кыш-нан 7 *км* чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 65 *км*. Кыштак 1938-ж. негизделген. Калкы 2563 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, клуб, ФАП бар. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КАРА-СУУ КВАРЦ КУМУ КЕНИ Баткен обл-нун Лейлек р-нунда, Исфана ш-нан 5 *км* түн.-чыгышта, деңиз деңг. 1147–1355 *м* бийикте. 1993–94-ж. Түш. Кыргыз геол. экспедициясы чалгындаган. Кен аймагы палеозой, палеоген, төртүнчүлүк системаларынын карбонат-терриген катмарларынан турат. Кварц куму палеогендеги сузак катмарчасы м-н байланышып, үч кабатка бөлүнгөн. Кумдун орт. калыңдыгы 25,05 *м*. Кум ылгоодон кийин айнек идиш, бөтөлкө, изолятор, түтүкчө, такта айнек жасоого ж-а айнек кебезин өндүрүүгө жарамдуу. Запасы В категориясы б-ча 1494 миң *т*, C_1 – 5380 миң *т*.

КАРА-СУУ КОРУКЧАСЫ – Аксы р-нундагы аңчылык корукчасы (заказниги). Ат-Ойнок кырка тоосунун түш.-батыш капталында, Кызыл-Суу, Түндүк сууларынын (Кара-Суунун сол куймалары) алаптарын ээлейт. Аянты 62,6 миң *га*. Азайып бараткан доңуз, элик, тоо эчки, улар, чүткөр ж. б. жапайы жаныбарларды коргоо ж-а көбөйтүү максатында 1973-ж. уюшулган.

КАРА-СУУ КӨЛҮ Көк-Ирим тоосунун батышында, Кеңкол (түштүгүнөн) м-н Такталык (түндүгүнөн) тоолорунун аралыгында деңиз деңг. 1998 *м* бийикте жайгашкан. Кара-Суунун (Нарын д-нын сол куймасы) башында. Токтогул р-нунун аймагында. Аянты 4,2 *км*², көлөмү 223,5 млн *м*³. Эң терең жери 153 *м*. Көлгө 10 өзөн куят, негизгиси жогору жагындагы Капка-Таш көлүнөн агып чыгат. Андан башталган суу бөгөт аркылуу 280–300 *м* төмөн жагынан сарыгып агып чыккандыктан, көлдүн деңгээли 20–25 *м*ге чейин өзгөрүп турат.



Кара-Суу тоо көлү.

КАРА-СУУ РАЙОНУ – Ош обл-нун борб. бөлүгүндө жайгашкан адм. бирдик. Район 1935-ж. уюшулган. Чыгышынан Өзгөн, түштүгүнөн ж-а түш.-чыгышынан Алай, батышынан Ноокат ж-а Араван р-ндору, түндүгүнөн Өзбекстан м-н чектешет. Аянты 2,8 миң *км*² (Ош обл-нун аймагынын 9,7%и). Калкы 348,3 миң (2009; облтун калкынын 25,0%и). Райондо бир шаар, 15 айыл өкмөтү ж-а 123 кыштак бар. Борбору – *Кара-Суу* шаары.



Ош – Кара-Суу түздүгүнүн бир бөлүгү.

Район Ош – Кара-Суу түздүгүн, Алай кырка тоосунун түн. тармактарын, адырларды ж-а Кичи Алай өрөөнүнүн бир аз бөлүгүн ээлейт. *Ош – Кара-Суу түздүгү* деңиз деңг. 800–1200 *м* бийикте жатып, Орто-Тоо (бийикт. 1184 *м*), Кароол-Тоо (1115 *м*), Сулайман тоолору (1167 *м*; *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилди; 2009) ж-а Отуз-Адыр адырлары м-н курчалган. Аймагында көмүрдүн (Алмалык) ж-а курулуш ма-

териалдарынын кендери бар. Климаты континенттик, түзөң бөлүгүндө жайы ысык. Январдын орт. темп-расы –3,3°Сден (өрөөндөрүндө) – 6,9°Сге чейин (тоолордо), июлдуку 15–24,4°С. Жылдык жаан-чачыны 300–500 *мм*. Ири суулары: *Ак-Буура*, Куршаб, Талдык ж. б. Түзөң бөлүгүндө боз, тоо жагында күрөң топурак басымдуу. Деңиз деңг. 800–1500 *м* бийикте жарым чөл, 1400–3000 *м*де талаа, 1800–3500 *м*де шалбаалуу талаа, 1800–3000 *м*де шалбаа, 1000–2700 *м*де бадал өсүмдүктөрү, 1700–3000 *м*де токой (көбүнчө арча) өсөт.

Райондо облустун калкынын 25,0% и жашайт. Төрөлүүнүн деңгээли 21,9‰ (2001), өлүмжитим – 4,9‰, табигый өсүш – 17,9‰ни түзөт. Калкынын 54,9% и кыргыздар, 37,7% и өзбектер, 3,0% и уйгурлар, 1,6% и тажиктер, 1,0% и түрктөр, 1,8% и башка улуттар. Калкынын 43,8% и эмгек жашына чейинки курактагылар, 49,2% и эмгек жашындагылар, 7,0% и эмгек жашынан өткөндөр. Калкынын 75,1% и деңиз деңг. 1000 *м*ге чейинки, 22,6% – 1000–1500 *м*, 2,0% – 1500–2000 *м*де, 0,3% – 2000–2500 *м* бийикте отурукташкан. Калкынын орт. жыштыгы 1 *км*² жерге 110 киши туура келет. Райондун экономикасынын негизин а. ч. ж-а иштеп чыгаруу ө. ж түзөт. А. ч-нын [illegible]зги тармагы – пахтачылык ж-а кой чарбасы [illegible]алпы жер фондусу 292,3 миң *га* болсо (200[illegible] и. айыл чарбага жарактуу жери 189,0 [illegible] *га* (жеринин 64,7% и). Айдоо аянты 53,2 [illegible] *га* (анын 31,0 миң *га*сы сугат жер), 2,9 ми[illegible] көп жылдык өсүмдүк, 10,1 миң *га* чабынд[illegible] 113,6 миң *га* жайыт. Пахта (7,8 миң *га*; об[illegible]тагы үлүшү – 69,0%), дан эгиндери (27,8 ми[illegible], а. и. буудай – 24,5 миң *га*), жүгөрү (2,9 миң *га*), тамеки (0,2 миң *га*), май алынуучу өсүмдүктөр (4,2 миң *га*), картошко (0,8 миң *га*), жашылча (2,3 миң *га*) ж. б. өстүрүлөт (2002). Багбанчылык (1,4 миң *га*) ж-а жүзүмчүлүк (0,4 миң *га*) өнүккөн. 2002-ж. райондо 67,1 миң бодо мал (а. и. 35,2 миң баш саан уй), 231,1 миң кой ж-а эчки (облустагы кой-эчкинин 27,3% и), 12,6 миң жылкы, 52,1 миң үй канаттуулары (34,8%) болгон. Район облуста өндүрүлгөн дандын 27,7% ин, пахтанын 65,3% ин, өсүмдүк майынын 24,0% ин, жашылчанын 30,7% ин, жүзүмдүн 73,3% ин, эттин 22,2% ин, сүттүн 31,4% ин, жүндүн 33,7% ин берет (2002).

Райондун ө. ж. продукциясынын облустагы үлүшү 31,8%. Ө. ж-нын негизин кайра иштетүү тармактары түзөт; а. и. пахтаны кайра иштетүүчү (облустагы үлүшү 52,0%), өсүмдүк майын өндүрүүчү, тамекини ферменттөөчү ж-а ун-акшак чыгаруучу ишканалар өзгөчө орун алат. Пахтаны кайра иштетүүчү ири ишканалары: «Акалтын» АК (жылына 90 миң *т* га чейин) ж-а «Бектур» жоопкерчилиги чектелген ишканасы ж. б. Өсүмдүк майын өндүрүүчү эң ири ишканасы – «Аска». АК (жылына 380 *т* чигит, 150 *т* күн караманын данын иштете алат). Ири ишканалардын катарына о. эле «Ош-Дюбек» АК (тамеки ферменттөөчү; Жаңы-Арык кыш-ида) ж-а «Кара-Суу – Даназык» АК (ун-акшак чыгаруучу) кирет.

Райондо автомобиль (уз. 1850 *км*) ж-а т. ж. транспорту өнүккөн. Анын аймагынан Ош – Хорог (Памир тракты), Ош – Кара-Суу – Мырзаке – Өзгөн – Бишкек, Кара-Суу – Анжиян автомобиль жолдору ж-а Ош – Кара-Суу – Жалал-Абад т. ж. өтөт. Жакынкы жылдары Кара-Суу т. ж. түйүнү аркылуу кытай-кыргыз-өзбек т. ж-н кошкон Кара-Суу – Торугарт т. ж. курулмакчы.

Райондо 124 жалпы билим берүүчү мектеп (окуучулардын саны 73,4 миң) ж-а 958 орундуу мектепке чейинки 9 мекеме иштеген. Райондо 13 оорукана, 2 диспансер (учук, венерол.), стоматол. поликлиника, 4 үй-бүлөлүк медицина борбору, 58 ФАП, 35 үй-бүлөлүк врачтар тобу ж. б. мед. мекемелер иштейт. *А. Мырзаев.*



КАРА-СУУ СЛЮДА́ КЕНИ Баткен обл-нун Лейлек р-нунда, Исфана ш-нан 45–50 *км*, Кара-Суу суусунун өрөөнүндө, деңиз деңг. 2900–4000 *м* бийикте. 1950-ж. чалгындалган. Силур мезгилиндеги кристаллдуу сланецтерден 360 пегматит тарамы аныкталган. Тарамдардын уз. 50–1500 *м*, орт. ка[illegible]дыгы 4–5 *м*ден 20 *м*ге чейин. Пегматиттер[illegible] курамы шерл-мусковиттүү, мусковиттүү[illegible] берилл-мусковиттүү. Тарамдардын тулкус[illegible] слюданын өлчөмү 17,2 *кг/м*³, майдаланга[illegible]данын орт. өлчөмү 2,2 *кг/м*³. Слюданын [illegible]ыроосу канааттандырарлык. Кен 1952-ж[illegible]йин иштетилип, 697,42 *т* слюда казып ал[illegible]ан. Слюданын запасы C_1 – 2315 *т*, C_2 – 510[illegible], 1997-жылга карата баланстагы запасы C_1 – 836 *т*, C_2 – 596 *т*.

КАРА-СУУ ТҮЗДҮГҮ, О ш – К а р а - С у у т ү з д ү г ү Фергана ойдуңунун чыгышында. Чыгышынан Отуз-Адыр, батышынан Анжиян, түштүгүнөн Лаглан, Ноокат адырлары м-н чектешет. Кара-Суу р-нунун аймагында. Уз. 70–80 *км*, жазылыгы 40–50 *км*. Деңиз деңг. орт. бийикт. 1013 *м*. Түздүктөн Ош, Чилмайрам тоолору көтөрүлүп жатат. Түндүккө карай жантайынкы. Жери түз, майда дөңсөөлөр кездешет. Төртүнчүлүк мезгилинин кум-чополуу тектери ж-а лёсс (калыңдыгы 25 *м*ге чейин) м-н капталып, боз топурактуу. Жайы ысык (июлдун орт. темп-расы 24–25°С), кышы жылуу (январдыкы –3... –4°С). Жылдык жаан-чачыны 250–360 *мм*. Түздүк аркылуу Ак-Буура, Шааркан-Сай суулары агат. Жарым чөл, кургак талаа ж-а талаа ландшафты басымдуу. Пахта, тамеки, рапс, тоют өсүмдүктөрү, жашылча-жемиш өстүрүлөт. Түздүктө Ош, Кара-Суу ш. ж-а бир нече кыштак жайгашкан.

КАРА ТАБЫЛГЫТЫ ШААР КАЛДЫГЫ – 6–8-к-га таандык археол. эстелик. Нарын д. Тогуз-Тородон Кетмен-Төбөгө бурулуп аккан жердеги Кара-Табылгыты секисинде жайгашкан. Чарчы түрдө, дубалдарынын уз. 200 *м*. Батыш ж-а чыгыш дубалдарында эшик, түн. ж-а түш. тарабында дарбазанын орду байкалат. Дубалдары бийик мунаралар м-н бекемделген. Бурчтарындагы негизги мунараларды эсептебегенде, түн. ж-а түш тарабында 7ден, чыгыш ж-а батыш дубалдарында 8ден мунара болгон. Казуу учурунда түрк элдериникине түспөлдөш карапа сыныктары, идиштер табылган.

КАРАТАЕВ Мадаминжан Мусаевич (12. 8. 1962-ж. т., Ош обл., Араван р-ну, Тепе-Коргон айылы) – медицина илимд. доктору (2001), проф. (2002). КРдин илимине эмг. сиң. ишмер (2009). КММИни (1986), ошол эле ин-тта аспирантураны бүтүргөн. КРдин Саламаттык сактоо министрлигинде жетектөөчү адис (1988–93), Чүй обл-тук саламаттык сактоо борборунун директору, «Манас» улуттук программа долбоорунда эксперт (1988–95), КРдин Саламаттык сактоо министрлигинин Координация ж-а реформалоо башкы башкармалыгынын координатору ж-а башчысынын 1-орун басары (1995–2000), Кыргыз мамл. мед. кайра даярдоо ж-а адистикти жогорулатуу ин-тунда проректор (2000). 2005–10-ж. КРдин Саламаттык сактоо министринин орун басары, 2010-жылдан КММАда проф. Мед. статистика ж-а саламаттык сактоо экономикасы б-ча адис. 140тан ашык ил. эмгеги, а. и. 5 монография, 20 окуу-методикалык куралы бар.

Эмг.: Финансирование здравоохранение Кыргызстана в условиях перехода к рыночной экономике (в соавторстве). Б., 2000; Методология организации профилактической работы среди женщин репродуктивного возраста (в соавторстве). Б., 2001.

КАРАТАЕВ Олжобай Кубатбекович (23. 8. 1963, Ош обл. Сузак р-ну, Орто Азия кыш.) – тарых илимд. доктору (2004), проф. (2009). 1990-ж. КМУну бүтүргөн. 1990–93-ж. КР УИАда ил. кызматкер, 1993–2009-ж. Ж. Баласагун атн. КУУнун тарых ф-тинде окутуучу, улук окутуучу, доцент, Азия ж-а Африка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедрасынын башчысы, 1-проректору. 2009-жылдан Кыргыз-Түрк-«Манас» ун-тинин окутуучусу. Кыргыз элинин теги, келип чыгышы, кыргыз жазуу мад-тынын тарыхы, эн тамга белгилери ж-а алардын байыркы этностук башаты, эл катары калыптануу этаптары ж. б. б-ча изилдөөлөрү бар. 100дөй ил. эмгектин (а. и. 5 монография, 7 окуу-методикалык колдонмо) автору.

Эмг.: Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан. Б., 2003; Кыргыз этнонимдер сөздүгү. Б., 2003; Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк (авторлош). Б., 2005.

КАРА-ТАЙ – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Нариман айыл округуна караштуу. Ош – Хорог автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1340 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 52 *км* түш.-чыгыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 22 *км*. Калкы 2430 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КАРА-ТАЙ КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ Ош обл-нун Кара-Суу р-нунда, Ош ш-нан 20 *км* чыгыш тарапта, Талдык суусунун боюнда, деңиз деңг. 1310–1400 *м* бийикте. 1967–69-ж. Түш. Кыргыз геол. экспедициясы чалгындаган. Кен аймагын антропоген мезгилинде пайда болгон борпоң тектер түзөт. Кен аллювий чөгүндүсүнөн пайда болуп, андагы кум-шагыл катмары 3,5 *км*ге созулуп жатат. Шагыл жакшы жумуруланып, жылмаланган. Кенде ири койташтар 3,7%, шагыл 73,4%, кум 22,9%. Кумдун арасында 12–13%ке чейин чаң м-н чопо бар. Кендин запасы 7823 миң *м*³. Кумду жууп, чоподон арылткандан кийин бетонго кошсо болот. Шагылды Ош ш-ндагы курулуш мекемелери пайдаланууда.

КАРА-ТАЛ – Нарын обл-нун Ат-Башы р-нундагы кыштак. Баш-Кайыңды айыл округуна ка-

раштуу. Дениз деңгээлинен 2140 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ат-Башы кыш-нан 22 *км* түш. тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 262 *км*. Калкы 930 (2009); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана бар. Байланыш бөлүмү, ФАП иштейт.

КАРА-ТАЛАА – Ысык-Көл обл-нун Тоң р-нундагы кыштак. Улакол айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1647 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Бөкөнбаев кыш-нан 63 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 23 *км*. Калкы 1882 (2007); негизинен мал м-н алектенип, тоют даярдашат. Орто мектеп, китепкана, оорукана, дарыкана бар. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры Т. *Исмаилов* туулган.

КАРА-ТАЛ – ЖАПЫРЫК КОРУГУ Нарын обл-нун Нарын ж-а Ак-Талаа р-ндорунун аймагында, Соңкөлдүн түштүгүндө, Кажырты суусунун (Кара-Тал м-н Жапырык сууларынын) алабында жайгашкан. Корук 1994-ж. уюшулган. Аянты 5980 *га*. Коруктун негизги максаты – Ички Теңир-Тоого мүнөздүү ажайып жаратылышты (карагай, арча токойлорунун туташ массивин, бадалдар м-н шалбааны) сактоо ж-а ил.-из., байкоо жүргүзүү. Коруктун аймагынын орт. бийикт. 2500–2600 *м*. Корукта бугу, элик ж. б. жаныбарлар кездешет.

КАРА ТАМЫР (Symphyium Tourn.) – өсүмдүктөрдүн эндиктер тукумундагы көп жылдык чөп. Бийик өсөт, жалбырагы майда тикендүү, кезектешип жайгашат. Гүлү көк, кызгылт, ак, сары, көгүш кызыл. Түн. Африкада, Азиянын батышында 25тей түрү белгилүү; 10дон ашык түрү КМШ өлкөлөрүнүн Европа бөлүгүндө ж-а Батыш Сибирь токойлорунда кездешет. Эң негизгиси дары К. т. ж-а орус К. т-ы. О р у с К. т-ынын жалбырагы жазы, бийикт. 1 *м*ден ашык, көгүлтүр же сары гүлдүү, тамыры жоон. Орус К. т-ы – тоют өсүмдүгү. Жашыл массасынан силос, чөп уну даярдалат. Нымдуу жерде гектарынан 300–1000 *ц* силос массасы алынат. Түшүмдү негизинен жалбырагы берет. Орус К. т-ынан даярдалган 100 *кг* жашыл тоютта 16 тоют бирдиги, 2,3 *кг* аш болумдуу протеин ж-а 600 *мг* каротин болот. Чөбүн чочко, коён, үй куштары, уй жакшы жейт. Д а р ы К. т. медицинада, ветеринарияда колдонулат. Анын тамырында алкалоид ж-а өңдөгүч зат бар.

КАРА-ТАШ – Ош обл-нун Кара-Кулжа р-нундагы кыштак. Капчыгай айыл округуна караштуу. Тар суусунун боюнда, дениз деңг. 1710 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кыш-нан 55 *км* түш.-чыгыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 143 *км*. Калкы 1001 (2009); негизинен мал чарбасында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана ж-а ФАП бар.

КАРА-ТАШ, К а л и н и н – Ош обл-нун Ноокат р-нундагы кыштак. Кара-Таш айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1540 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ноокат ш-нан 6 *км* түш. тарапта. Ош т. ж. бекетинен 56 *км* аралыкта. Калкы 8056 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Эки орто мектеп, 2 китепкана, оорукана, бейтапкана, дарыкана, мечит бар. Турмуш-тиричилик кызматынан бөлүмдөрү, соода ж-а тамактануу жайлар, кичи устаканалар ж. б. иштейт.

КАРА-ТАШ КУМ КЕНИ Ош обл-нун Сузак р-нунда, Маркай кыш-нан 1,5 *км* чыгыш тарапта, Фергана тоо тизмегинин чыгыш тармагы Сүрөөн-Төбө бөксө тоосунун түш. капталында жайгашкан. 1953-ж. табылган. Кен аймагын мезозой заманындагы чөкмө тектер түзөт. Кум катмары бор мезгилиндеги чөкмө тектердин арасында жатат. Калыңдыгы 19–25 *м*, уз. бир нече *км*ге созулат. Кум начар камдашкан, негизинен кварц, кремний, кээде талаа шпаты ж-а чөкмө тектердин сыныктарынан турат. Кумда 0,15тен 0,6 *мм*ге чейинки фракция басымдуу. 20 *мм*ге чейинки шагылдар аз санда кездешет. С. салм. 2,52–2,57. Запасы 465,7 миң $м^3$. Кумду чопо м-н чаңдан арылтып, жууп, кум шыбакка пайдаланса болот.

КАРА-ТАШ КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Тогуз-Торо р-нунун аймагында. Казарман кыш-нан 7 *км* түш.-батышта, дениз деңг. 1400–1500 *м* бийикте. 1977-ж. Түн. Кыргыз геол. экспедициясы чалгындаган. Кен Көгарт суусунун антропоген мезгилинде пайда болгон биринчи ж-а экинчи тектириндеги аллювий чөкмөлөрүнөн турат. Изилденген калыңдыгы 2–3 *м*ден 10 *м*ге чейин өзгөрөт. Гранулометриялык орт. курамы 500–70 *мм* 27,69%, 70–5 *мм* 53,09%, 5 *мм*ден майдасы 19,22%. Кум-шагылды майда талкалап жууса, «300» маркадагы бетон даярдоого болот. Курулуш иштерине жарамдуу. Запасы А категориясы б-ча 119 миң $м^3$, В – 1000 $м^3$, C_1 – 896 миң $м^3$, А+В+С – 9280 миң $м^3$.

КАРАТЕГИН КЫРКА ТООСУ – Ысар кырка тоосунун түш. тармагы, Тажикстандын аймагында. Кафирниган д-нын сол жээгин бойлой 80 *км*дей созулуп жатат. Бийикт. 3950 *м*ге чейин. Капталдарында буудайыктуу талаа, бадал ж-а талаа өсүмдүктөрү өсөт.

КАРА-ТЕЙИТ – Ош обл-нун Чоң Алай р-нундагы кыштак. Жекенди айыл округуна караштуу. Ак-Суу суусунун боюнда, дениз деңг. 2200 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Дароот-Коргон кыш-нан 56 *км* түш.-батыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 380 *км*. Кыштак 19-к-дын башында негизделген. Калкы 1323 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, мечит бар. Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, ФАП иштейт.

КАРА-ТЕКТИР, К о м с о м о л – Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нундагы кыштак. Жаңы-Жол айыл округуна караштуу. Шамшыкал тоосунун батышында, дениз деңг. 950 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Токтогул шаарчасынан 5 *км* чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 175 *км*. Кыштак 1927-ж. негизделген. Калкы 3469 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар.

КАРА-ТЕКТИР КӨРҮСТӨНҮ – б. з. 1–6-к-дагы хунн урууларынан же усундардан калган дөбөмүрзөлөр. Кетмен-Төбөдөгү Көөдүл кыш-нын жанында жайгашып, 350дөн ашык мүрзөдөн турат. Казыктуу 80 мүрзө изилденген. Алардан карапа, кылач идиштер, койдун жамбаш ж-а куймулчаа өөктөрү, бычак, жаа, темир учтуу жебелер, темир тогоо, акак таш чөгөрүлгөн алтын сөйкө табылган. 1959, 1964–65-ж. археолог Ы. Кожомбердиев казып, изилдеген.

КАРА-ТЕҢГЕ ВАНА́ДИЙ КЕНИ Ош обл-нун Алай р-нунда, Карамык кыш-нан чыгышта, Алай кырка тоосунун батыш бөлүгүндөгү бөксө тоолордо. 1943–46-ж. чалгындалган. Кен аймагында силурдун аягында пайда болгон терриген катмарлары жатат. Кенташ чопо-кремнийлүү сланецтердин арасындагы тектон. жаракаларга топтолгон. Мында кремнийлүү тектердеги брекчия тилкесинде ванадийдин экинчи ирет пайда болгон минералдары кезигет. Минералдар брекчиянын беттеринде, жаракалар м-н коңулдарда какарт түрүндө жолугат. Тилкенин уз. 170 *м*ге жетет. Ванадийдин кенташтагы кондициялык өлчөмү чамалуу.

КАРА-ТЕСКЕЙ КУМ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нунда, Жалал-Абад ш-нан 10 *км* түн.-чыгыш тарапта, Көгарт суусунун боюнда. 1945-ж. чалгындалган. Кен аймагын юра мезгилинде пайда болгон чопо, алевролит, гравий катмарлары түзөт. Алардын арасында кумдун 4 кабаты бар. Кабаттар түш.-чыгыш тарапка 30° бурч м-н жатат. Алардын калыңдыгы 1,5, 2, 3,3 ж-а 10 *м*. Уз. 50 *м*. Кабаттардын эки чети кум-чопо (калыңдыгы 1–20 *м*) м-н жабылып калган. Кум негизинен кварцтан турат. Жуулган ак кумдун курамында: 94,62% SiO_2, 10% Fe_2O_3, 3,25% Al_2O_3 бар. Кум жогорку сапаттагы тунук айнек алууга жарамдуу. Запасы 77 миң *т*. Кенде күңүрт түстөгү айнек идиштерин жасоодо колдонулуучу саргыч боз (запасы 154 миң *т*) ж-а саргыч кызыл кумдук кабаттары да бар.

КАРА ТЕШИК (black hole) – космостук зор нерселердин чексиз гравитациялык кысылуусунан (гравитациялык коллапс) пайда болгон космос объектиси. Зор жылдыздар эволюциясынын акыркы стадиясында, анын массасы ж-а бара-бара тартылуу күчү жогорулап, *гравитациялык коллапска* дуушар болот, б. а. анын кысылуусуна эч бир турукташтыруучу күчтөр каршы тура албайт. Ал учурда нерсенин тыгыздыгы чексизге, ал эми объектинин радиусу нөлгө умтулат. Эйнштейндин салыштырмалуулук теориясына ылайык К. т-тин борборунда мейкиндик м-н убакыттын сингулярдуулугу (чексиздиги, өзгөчөлүгү) орун алат. Кысылуудан жылдыздын бетиндеги гравитациялык талаа чоңоёт, бөлүкчөлөрдүн бөлүнүп чыгышы ж-а нурлануу кыйындайт. Бара-бара андай жылдыздар бир жактуу мембранага, б. а. нурланууну ж-а бөлүкчөнү ичин көздөй гана тартып, сыртка эч нерсе чыгарбоочу К. т-ке айланат. Аны мейкиндик м-н убакыттын касиеттеринин чукул өзгөрүшүнөн байкоого болот ж-а ал Шварцшильд радиусу деп аталат. К. Шварцшильд 1916-ж. Эйнштейн теңдемесинин айланбаган К. т. үчүн так чыгарылышын тапкан ж-а анын ысмында аталып калган. 1963-ж. жаңы зеландиялык физик Рой Керр айлануучу К. т. үчүн Шварцшильд радиусун аныктаган, мис., 3 Күн массасындай К. т. үчүн ал радиус болгону 9 *км*. Биздин галлактикада көптөгөн К. т. бар. Зор К. т-тер галлактиканын борборунда жайгашкан. Ал эми өлчөмү атомдукундай К. т-тер Аалам эволюциясынын алгачкы фазасында, жогорку тыгыздыктагы абалда эле пайда болгон деп божомолдонот. К. т-ке жакын келген космос нерселери, өлчөмүнө карабай талкаланып жок болот.

КАРАТМА СӨЗ – бирөөгө тике арналып ж-а кайрылып, чакыруу иретинде айтылган заттык маанидеги сөздөр. Көркөм чыгармаларда көп колдонулат. Мис., Сайра, китебиңди окуп бүттүңбү? (Т. С.) Ооба, жылдызым, азыр барабыз (А. Т.).

КАРАТОКО – Чаткал кырка тоосунун түн.-чыгышында, Чаткал суусунун баш жагында жайгашкан бийик тоолуу аймак, кооз жер. *Каратоко* суусунун алабын бүт ээлейт. Эң жапыз жери – Чаткал суусунун бою, Каратоко суусунун чаты (2380 *м*, Жер-Көпүрө), эң бийик жери 4200–4367 *м* (Чаткал кырка тоосунун кыры). Аймагына капчыгай, тепши сымал өрөөн, төр, ар түрдүү багыттагы тоо, аска, эшилме корум таштар, кар мөңгүлүү чокулар ж. б. мүнөздүү. Аймактын алгачкы турпаты палеозой заманында, өзгөчө герцинде пайда болгон. Акиташ тектери басымдуу. Фергана – Ат-Ойнок тектон. аймагына кирет. 1946-ж. катуу жер титирөө болгон. Мында мөңгүдөн пайда болгон 20дай майда,

Каратоко капчыгайындагы ландшафт.



бийик тоо көлү бар. Айрымдары агымы жок туюк көрүнөт. Алар суу байламталарынын арасы м-н сарыгып агат. Эң ириси Каратоко (Дубана) көлү, анын аянты 1,1 *км*², көлөмү 49 млн *м*³; 2876 *м* бийикте жайгашкан. Түркүн чөптүү талаа, шалбаалуу талааларда бетеге, ак кылкан, шыбак, дүйүм чөп ж. б. өсөт. Каратоко суусунун өрөөнүндө, капчыгайларда көк карагай, арча (тоо боорунда жапалак арча), кайың, ар түрдүү бадал басымдуу. Бийик тоолуу бөлүгүндө субальп, альп шалбаасы, нивалдык-гляциалдык ландшафттар мүнөздүү. Каратоконун черлери, айрым көлдөрү, тоо ландшафттары ажайып кооз, корук болууга ылайык. Ад-ттарда Кара-Теке деп да аталат. Бул жерге жылыга көп турист келип турат.

КАРАТОКО – Чаткал р-нунун аймагы аркылуу аккан суу, Чаткал суусунун оң куймасы. Уз. 24 *км*, алабынын аянты 150 *км*². Алабынын дениз деңг. орт. бийикт. 3300 *м*. Чаткал кырка тоосунун түн.-батыш капталындагы мөңгүдөн башталып, кууш капчыгай аркылуу агып, Каратоко көлүнө куят, андан Чаткал өрөөнүнө агып чыгат. Куймалары: Ишенкул, Чарык-Салды, Көк-Тумшук, Өгүз-Жайлоо ж. б. Алабында мөңгү бар. Жылдык орт. чыгымы 2,60 *м*³/*сек*, эң көбү июнь–июлда, эң азы февраль–мартта байкалат. Өрөөнү кооз; карагай, бадал токою эзлейт.

КАРА-ТОО – Нарын обл-нун Кочкор р-нундагы кыштак. Семиз-Бел айыл округуна караштуу. Кара-Тоонун этегинде, дениз деңг. 1834 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кочкор кыш-нан 3,5 *км* түн.-чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 65 *км*. Кыштак 1927-ж. негизделген. Калкы 1808 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, медпункт ж-а мад-т үйү бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү ж-а соода жайлары иштейт.

КАРА-ТОО – Теңир-Тоонун түн.-батыш тармагы, Сыр-Дарыя, Чүй, Талас дарыя алаптарынын суу бөлгүчү. Казакстандын Жамбыл ж-а Кызыл-Ордо обл-нын аймагында. Уз. 420 *км*. Эң бийик жери 2176 *м*ге чейин (Бессаз чокусу). Сланец, кумдук, акиташ теги ж-а доломит тоо тектеринен турат, карст формалары өрчүгөн. Кыры жайпак, капталдары тик. Орто бийик тоо рельефи басымдуу. Капталдарында бетеге-тулаңдуу талаа басымдуу; ксерофит өсүмдүктөрү кездешет. Тоо өрөөндөрүнө тугай токойлору ж-а бадалдары мүнөздүү. Полиметалл рудалары (Мыргалым-Сай, Кен-Тоо, Ачы-Сай), фосфорит кендери *(Кара-Тоо фосфорит бассейни)* бар.

КАРА-ТОО ФОСФОРИ́Т БАССЕЙНИ Казакстандын Жамбыл ж-а Чымкент обл-нын аймагында. Кара-Тоо кырка тоосунун түн.-чыгыш капталында жайгашкан. Уз. 125 *км*, туурасы 25 *км* болуп, созулуп жаткан тилкеден турат. Кен биринчи жолу 1936-ж. ачылып, 1937–39-ж. геол. чалгындоо иштери жүргүзүлгөн. 1946-жылдан казылып алынат. Фосфорит катмарларынын калыңдыгы 80 *м*ге жетет. Кен кембрий мезгилинин башында пайда болуп, Чолок-Тоо геол. свитасында орун алган. Фосфорит кени 30–35 *м* калыңдыктан турат. Фосфорит горизонту тектон. жаракалар м-н туш келип жарылып, 45 участкага бөлүнөт. Булардын [illegible]ири өз алдынча фосфорит кени болуп санал[illegible] Фосфорит таза ж-а кремнийлүү, карбонаттуу [illegible]лөрдөн турат. Эң таза ж-а жогорку сапаттаг[illegible]рбонаттуу фосфориттерде P_2O_5 25–30% ке же[illegible] Бассейнде фосфориттин жалпы баланстык за[illegible]ы 15 млрд *т* га барабар. 1970-жылдан баштап [illegible]к-Сай, Жаңы-Таш кендери ачык казылып [illegible]ына баштаган. Чолок-Тоодо фосфорит штрек м-н жер астынан өндүрүлөт. Бассейндеги фосфорит кендеринин базасында (Кара-Тоо ш.) тоо-хим. комбинат ишке киргизилген. Комбинат фосфорит унун, о. эле P_2O_5 28% тен жогору байытылган концентратты, P_2O_5 23% тен ашык товардык кенташты даярдайт. Таразда суперфосфат, Чымкентте фосфор з-ду иштейт.

Ад.: Фосфориты Каратау. М., 1969.

Ч. Иманалиев.

КАРА ТОПУРАК – шалбаалуу ж-а токойлуу талаа зоналарында көп жылдык чөптүн чиришинен пайда болгон топурак түрү. Орг. заттарга бай, гумустуу катмарынын өлчөмү 4–6% тен 9–10% ке чейин жетет. К. т-тын курамында кальций туздары м-н чополуу чөкмө породалар бар. К. т-тын пайда болуу процессинде минералдар чопого айланып, анын үстүнкү катмарында биохим. кубулуштардын таасири м-н кыртыштын курамында түрдүү заттар, гумин к-талары ж. б. азык заттар пайда болуп, кыртыштын күрдүүлүгү артат. К. т-туу жерлерге дан эгиндери, жүгөрү, көп жылдык чөп, мөмө-жемиш токою өстүрүрүлөт ж-а жайыт өсүмдүктөрү жакшы өсөт. К. т. гумустуу (чиринди) катмарынын калыңдыгына жараша өтө калың (150–180 *см*), калың (80–120 *см*), орт. калың (40–80 *см*), жука (40 *см*) болуп бөлүнөт. К. т. Жер шарында үч суббореалдык обл-ка бөлүнөт: Евразия, Түн. Америка ж-а Түш. Америка. Кырг-нда К. т. Ысык Көл өрөөнүнүн чыгыш райондорунда, Чүй, Талас, Кемин өрөөндөрүндө, Нарын обл-нун Нарын, Ат-Башы ж-а Тогуз-Торо р-ндорунда көбүрөөк кездешет.

КАРА-ТӨР МӨҢГҮСҮ — Борб. Теңир-Тоодогу татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Көөлү кырка тоосунун түн. капталында. Уз. 7,6 *км*, аянты 9,7 *км*². Мөңгүнүн башы дениз деңг. 5200 *м*, этеги 3600 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4350 *м*. Абляциясынын аянты 2,7 *км*². Мөңгүнүн бети тилмеленип, муз сыныктары кездешет. 1943–60-ж. 700 *м*ге тартылган. Мөңгүдөн Көөлү суусунун оң куймасы – Кара-Төр суусу башталат.

КАРА-ТӨР МӨҢГҮСҮ – Түркстан кырка тоосунун түн. капталындагы терең төрдөгү мөңгү.

Исфара суусунун алабында. Уз. 6,6 *км*, аянты 10,8 *км*². Мөңгүнүн башы дениз деңг. 5480 *м*, этеги 3360 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 3820 *м*. Абляциясынын аянты 4,0 *км*². Мөңгүдөп Телинген суусунун оң куймасы – Миң-Теке агып чыгат.

КАРА-Т[illegible] КӨМҮР КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Аксы р-[illegible], Таш-Көмүр ш-нан 20 *км* түндүктө, Ат-Ойно[illegible]осунун түш.-батыш тармагында. 1954–55 [illegible] геол. картасы түзүлүп, 1982–85-ж. чалгын[illegible]н. Юра катмарлары брахисинклиналдык [illegible] бүктөлүүнү түзөт. Көмүр кабаттары юра кат[illegible]марынын астыңкы бөлүгүндөгү таш көмүр [illegible]асында жайгашкан. Таш көмүр свитасында көмүрлүү эки комплекс бөлүнгөн. Ө. ж-лык маанидеги «Негизги» кабат жогорку көмүрлүү комплекс м-н байланышкан. Кабат өтө татаал түзүлүштө. Запасы эсептелүүчү кабаттын калыңдыгы 0,30 *м*ден 15,24 *м*ге чейин, орт. калыңдыгы 4,56 *м*. Астыңкы көмүрдүү комплексте ө. ж-лык мааниге ээ болбогон «Ортоңку» ж-а «Төмөнкү» деп аталган эки кабат бөлүнгөн. Көмүр сапаты б-ча таш көмүрдүн узун жалындуу маркасына (Д) таандык. Күлдүүлүгү жогору – 40% ке чейин, орт. 20% ти түзөт. Күйүү жылуулугу 30,0 *МДж/кг* (7167 *ккал/кг*). Жер үстүнөн ачык жол м-н казып алууга жарамдуу көмүрдүн бекитилген запасы 1997-жылга карата $B+C_1$ категориясы б-ча 28658 миң *т*. Көмүр казылып алынууда. Жер астынан казып алынуучу көмүрдүн запасы C_1+C_2 категориясы б-ча 17883 миң *т*.

КАРАТЭ, к а р а т э - д о (япончо сөзмө сөз – куралсыз кол м-н) – куралсыз коргонуу өнөрүнүн бир түрү. Ал адамдын талуу жерлерине (уйку артериясы, боор, көкүрөк, нерв түйүндөрүнө ж. б.) кол же бут м-н ыкчам сокку урууга негизделген. Алгач К. Японияда коргонуу үчүн гана колдонулган согуш өнөрүнө кирген. Азыркы К. системасы *жиу-жицунун* ыкмаларын тандап алуу ж-а өркүндөтүү м-н 20-к-дын башында пайда болгон. К-чилер негизги үч багыт б-ча даярдалат: к и х о н (базалык ыкмаларды көп жолку кайталоо), к а т а (К. ыкмаларын көрсөткөн татаал координациялык кыймылдар; алар биринин артынан бири аткарылат) ж-а к у м и т э (атаандашы м-н беттешүү, машыгуу). О. эле К-чини даярдоо маалында орчундуу орунга булчуңдарды ж-а тарамыштарды чыйралткан гимнастикалык ыкмалар, соккуну күчөтүү үчүн кум каптар («макивару») ж. б. колдонулат. К. м-н «додзе» (үстүнө эч нерсе төшөлбөгөн жыгач пол) жайларында бут кийимсиз машыгышат. К-чинин салттуу кийими катары «каратэ-ги» эсептелинет. Ал бышык ак кездемеден тигилген балбыраган чапандан, шым м-н узун белбоодон турат. Белбоонун өңү К-чинин даярдыгын көрсөтөт. К-де салмак б-ча бөлүнүштөр болбойт. Мелдештер бири-биринен көз каранды эмес эки багыт (ката ж-а кумитэ) б-ча эркектер м-н аялдар үчүн өзүнчө татамиде жүргүзүлөт. 1948-ж. Г. Фунакоси жетектеген япон ассоциациясы ачылгандан баштап, К. өзүн-өзү коргоо системасы ж-а спорт түрү катары өнүгө баштаган. Азыр Азия м-н Латын Америкасына, АКШ, Франция ж. б. 50дөй өлкөгө кеңири тараган (1991). 1968-ж. эл аралык федерациясы түзүлгөн. 1970-жылдан К. б-ча дүйнөлүк чемпионат, 1971-жылдан Европа биринчилиги өткөрүлөт. К. Кырг-нда СССР-дин курамына кирген бардык мамлекеттер сыяктуу 1978-жылдан өз алдынча секция ж-а клуб катары иш жүргүзүп келет. 1984–89-жылдары К. м-н машыгууга кандайдыр бир себептер м-н тыюу салынган. Учурда Кырг-нда К. кеңири тараган спорт түрүнө киргендиктен, көптөгөн клубдар бар ж-а аларда миңдеген өспүрүмдөр машыгат.

Б. Үсөнканов, А. Нишанов.



КАРА-ҮҢКҮР, Т е н т е к - С а й – Базар-Коргон р-нунун аймагы аркылуу аккан суу, Кара-Дарыянын оң куймасы. Уз. 127 *км*, алабынын аянты 4130 *км*². Фергана, Исфан-Жайлоо ж-а Бабаш-Ата кырка тоолорунан башталган Кызыл-Үңкүр ж-а Арстанбап сууларынын кошулушунан түзүлөт. Алабында жапайы жаңгак-мөмө-жемиш токойлуу табигый кооз аймактар – *Кызыл-Үңкүр өрөөнү* ж-а *Арстанбап өрөөнү* жайгашкан. Чарбак кыш. туштагы жылдык орт. чыгымы 29,6 *м*³/*сек*; эң көбү 85,7 *м*³/*сек* (май), эң азы 9,64 *м*³/*сек* (январь). Негизги куймалары: Арстанбап, Шайдан-Сай, Кызыл-Үңкүр, Жаз-Кечүү ж. б. Суусун толук пайдалануу үчүн Базар-Коргон суу сактагычы (көлөмү 22 млн *м*³) курулган. Сугатка пайдаланылат. Жээгинен Кызыл-Үңкүр, Ооган-Талаа, Ак-Булак, Арстанбап, Чарбак, Абдураимов атн. (Совет), Базар-Коргон ж. б. кыш. орун алган.

КАРА-ҮҢКҮР КАПЧЫГАЙЫ Ички Теңир-Тоодо. Нарын р-нунун аймагында. Долон ашуусунун чыгышын Оттук суусу кесип өткөн жерден К.-Ү. к. орун алган. Уз. 35 *км*, ортоңку бөлүгү жазы, кууш жери 100–200 *м*. Эң жазы жеринде Кара-Үңкүр кыш. жайгашкан. Оттук суусунун өрөөнү дениз деңг. 2450–3000 *м* бийиктикте. Кап-

чыгай палеозойдун сланец, акиташ теги, конгломерат тектеринен турат, V сымал. Капчыгай аркылуу Бишкек – Торугарт автомобиль жолу өтөт.

КАРА-ҮҢКҮР ӨРӨӨНҮ Батыш Теңир-Тоодо. Бабаш-Ата, Исфан-Жайлоо кырка тоолору м-н Фергана тоо тизмегинин аралыгында жайгашкан. Негизинен Базар-Коргон р-нунун, төмөнкү бир аз бөлүгү Ноокен р-нунун аймагында. Жалпы уз. (Күрөбөстүн башынан Кырг-ндын чек арасына чейин) 100 *км*, жазылыгы 8–12 *км*. Таманынын деңиз деңг. бийикт. 600–1400 *м*. Ооз тарабы (түш.-батышы) жайык (70 *км*ге чейин), улам жогорулаган сайын (түн.-чыгышты карай)



Өрөөндүн төмөн жагы. Алдынкы планда шалы палдары.

кууштап, тектирлүү. Чарбак кыш. тушта эки айрыкка – Кызыл-Үңкүр ж-а Арстанбап өрөөндөрүнө бөлүнөт. Өрөөндүн төмөнкү бөлүгү мезозой-кайнозойдун ж-а антропогендин конгломерат, кумдук, чопо, шагыл таш, кумдуу чопо тектеринен туруп, байыркы жер кочкүлөрдүн басымдуулук кылган аймагы, жогору жагы юра карбон, девон ж-а бор мезгилдеринин тоо тектеринен турат. Өрөөн аркылуу *Кара-Үңкүр* (Тенгек-Сай) суусу агат. Климаты жер ортолук деңиздик. Кышы мелүүн суук, январдын орт. темп-расы –3...–17°С, жайы төмөнкү бөлүгүндө кургакчыл, ысык, тоолуу бөлүгүндө салкын, 15–24°С. Жылдык жаан-чачыны 400–1000 *мм*, көбүнчө кыш, жаз мезгилдеринде жаайт. Түзөң бөлүгүндө күңүрт боз, айрым жерлерде шалбаасаз, орто бөлүгүндө кара күрөң, тоо жогору жагында тоо-шалбаалуу кара топурак басымдуу. К.-Ү. өрө эфемер-шыбактуу кургак талаа (800–1300 *м* бийикте), бийик чөптүү далдуу талаа (1300–1800 *м*), шалбаалуу, жаңгак-жемиштүү токой (1800–2600 *м*), субальп (2600–3200 *м*), альп шалбаасы (3200–3500 *м*) мүнөздүү. Дүйнөдөгү жаңгак мөмө-жемиш токоюнун эң зор алынты өрөөндүн ландшафтына ажайып кооздукту берип турат. Рекреациялык маанисн да зор. Пахта, тамеки, жашылча-жемиш, тоют өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Жогорку бөлүгү жайытка ж-а чабындыга пайдаланылат. Өрөөндүн төмөнкү жазы бөлүгүндө айыл-кыштактар ж-а айдоо аянттары жайгашкан. *Ө. Бараталиев.*

КАРАХАНИ́Д МАМЛЕКЕТИ – 940–1212-ж. Чыгыш Түркстандын батышы ж-а Жети-Суу аймактарын ээлеген феодалдык мамлекет. К. м-нин түзүлүшүнө түрк уруулары – *чигил* (жикил), ягма, карлук (к. *Карлуктар*), аз, тухси чоң роль ойногон. К. м-н башкарган династиянын теги байыркы түрктөрдүн *ашина* уруусунан чыккан *Баласагун* ш-нын башкаруучусу (9-к-дын башы) Кара *жабгудан* тараган деп эсептелет. Мамлекеттин аталышын В. В. *Григорьев* 942–955-ж. бийлик кылган *Сатук Абд ал-Керим* Карахандын ысмына байланыштырган. Арслан каган деген наам м-н такка отурган анын уулу *Мусса Байташ ибн* Сатуктун тушунда *ислам* мамл. дин деп кабыл алынып, атайын мыйзам м-н бекитилген. 10-к-дын аягында К. м-кин башкаруучулары мамлекеттин чек арасын кеңейтүү ж-а бекемдөө үчүн күрөш жүргүзүшкөн. Богра хан Харун (Шихаб ад-Даула Абу Муса Харун ибн Сулайман) *Бухараны* (992), Наср Ииинн (Амир ас-Сайид Малик ал-Музаффар Кутб ад-Даула ва Насир ал-Хакк ва Наср ал-Милла Ахмад ибн Али) *Мавераннахрды* басып алышы м-н (998) *Сама́ниддер мамлекети* жашоосун токтоткон. Мамлекетти башкаруу жер-жердеги бийликке бөлүнүп, борборлошкон күчтүү бийлик болгон эзелки бийлик башында каган же илек деп аталган. Карахандын тукуму туруп, кимиси күчтүүлүгүнө карыса, калганы ошого баш ийген. Ошондуктан Арслан Карахандын (1018–24) тушунда Баласагун, Айн ад-Даул Абу Наср Мухаммад ибн Насрдын (1020–63) убагында Өзгөн, Абу Али Хасан ибн Сулайман Богра хандын (1075–1102) мезгилинде Кашкар ш. К. м-нин борбору болгон. К. м-нин учурунда мад-т өнүгүп, М. *Кашгари*, Ж. *Баласагунинин* белгилүү эмгектери жаралган. *Бурана* мунарасы, Өзгөн мавзолейи курулган. 11-к-дын 60–70-жылдарында *селжуктардын* кысымынан К. м. алсырап, Санжар султандын тушунда (1118–57) аларга көз каранды болуп калган. 12-к-дын 30–40-жылдарында кара кытайлар басып кирип (к. *Кара кытай мамлекети, Елүй Дашы*), 1212-ж. Хорезм шахы Мухаммед К. м-н биротоло жойгон.

Ад.: *Валитова А. А.* К вопросу о классовой природе Караханидского государства //Труды Киргизского филиала АН СССР. Т. 1. Вып. 1. 1943; История Узбекской ССР. Т. 1. Таш., 1967.



Караханид мамлекетинин картасы.

КАРАЧАЙЛАР (оздөрүн карачайлыла деп аташат) – Карачай-Черкестин жерг. калкы. РФ, О. Азия (а. и. Кырг-нда – (2200), Казакстан, Түркия, Египет, Сирия, АКШда да жашашат. Жалпы саны 300 миң киши, а. и. 169, 2 миңи Карачай-Черкесте (2002). Карачай-балкар тилинде сүйлошот. Динге ишенгендери – мусулман-сунниттер. Карачай элинин калыптануусуна (13–14-к.) жерг. тоолуктар, аландар, кыпчактар, булгарлар катышкан. 1828-ж. Россиянын курамына кирген. 1920-ж. Карачай округу, 1922-ж. Карачай-Черкес АОсу, 1926-ж. Карачай АОсу түзүлгөн, бирок 1943-ж. Карачай АОсу жоюлуп, К. күч м-н өлкөнүн чыгыш аймактарына көчүрүлгөн. 1957-ж. гана Карачай-Черкес АОсу калыбына келтирилип, К. кайрадан мекенине кайтып келишкен. 1991-ж. Карачай-Черкес Респ. түзүлгөн. Негизги кесиби – дыйканчылык, мал чарбачылык. Эркектери койнок, ыштан, бешмант, черкеска, кой терисинен тигилген тон, башлык, папах кийишип, белдерине кур курчанып, бычак, канжар тагынышкан. Аялдары жеңи узун, кенен тигилген туника сыяктуу жибек койнок, узун шаровар, кооздолуп жасалган баш кийим кийип, үстүнөн жоолук салынган. Тамак-ашы негизинен эт, дан, сүт азыктары. Суусундук катары чай, айран, майрам күндөрү бозо, пиво кеңири колдонулат.



КАРАЧАЙ-ЧЕРКЕ́СИЯ, Карачай-Черкес Республикасы Россиянын Европа жак бөлүгүнүн түштүгүндө, Чоң Кавказдын түн. этегинде жайгашкан. Түштүгүнөн Грузия м-н чектешет. Аянты 14,3 миң *км*². Калкы 429,0 миң (2008). Борбору – Черкесск ш. Адм.-айм. жактан 9 районго, 4 шаарга, 7 шаарчага бөлүнөт.

Түштүк федерация округуна кирет. Мамл. бийликтин органдар системасы респ-нын 1996-ж. кабыл алынган конституциясы тарабынан аныкталат. Мамлекет башчысы – президент.

Табияты калктын жашоосуна ыңгайлуу. Экол. абалы анча татаал эмес, ал атм-нын ж-а суунун булганууусуна байланыштуу. Жери деградацияга учурап, анын негизинде экол. курч абал пайда болууда. Абаны автомобиль газдары булгоодо (жылына 300 миң *т*). Аймагынын көпчүлүк бөлүгүн (²/₃) *Чоң Кавказ* кырка тоосунун тоо системалары ээлейт. Эң бийик жери *Эльбрус чокусу* (5642 *м*; Россиянын эң бийик точкасы). Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы түндүгүндө –3°Сден –4°Сге чейин (–33°Сге чейин суук болот), түштүгүндө –10°С, июлдуку 21– 21°Сге чейин (максимуму 38–40°С). Жылдык жаан-чачыны 500–700 *мм*ден (түздүктөрүндө) 2000–2500 *мм*ге чейин) тоолорунда. Башкы дарыясы – Кубань (анын куймалары: Теберда, Кичи ж-а Чоң Зеленчук, Уруп, Чоң Лаба). Анча чоң эмес 370тен ашык көлү бар. Респ-нын түндүгүнөн Чоң Ставрополь каналы өтөт. Тоо этегиндеги талаалар жазы ж-а ийне жалбыректуу токой (көк карагай, карагай ж-а кызыл карагай) м-н, жогорулаган сайын бийик тоолуу шалбаа м-н алмашат. Кен байлыктарынан көмүр, алтын, түстүү металл, отко чыдамдуу чопо, мрамор, жез ж. б. казылып алынат. Мин. суулар (нарзан тибиндеги), жылуу булактар чыгат. Россиянын Кызыл китебине омурткалуулардын 27 түрү (а. и. кавказ кундузу, кавказ токой мышыгы ж. б.) киргизилген. Теберда (Архыз участкасында кавказ-беловежа зубру коргоого алынган; 50дөн ашык), Кавказ (бир бөлүгү) коруктары уюшулган. Коргоого алынган аймак Респ-нын жеринин 41%ин ээлейт. Кавказ коругу (биосфералык) Чоң Кав-



Теберде дарыясынын өрөөнү.

каз объектилеринин курамында, ал *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. К.-Ч-нын чегинде өзгөчө коргоого алынган экол.-курорт – Кавказ минералдуу суулары жайгашкан.

Калкынын негизин орустар (42,4%) түзөт; о. эле карачай (32,2), черкес (9,7), абазин (6,6%), ногой (3,2) ж. б. улут өкүлдөрү да жашайт. Ислам (мусулман), христиан (православныйлар ж-а протестанттар) динин тутат. Орт. жыштыгы 1 *км*^{2} жерге 30,2 киши. Шаар калкы 44,1%. Маанилүү шаарлары: Усть-Жегута, Карачаевск.

19-к-дын 1-жарымынан Россиянын курамында. 1922-ж. Карачай-Черкес АОсу болуп түзүлүп, 1926-ж. Карачай АОсуна ж-а Черкес улуттук округуна (1928-жылдан Черкес АОсу) бөлүнгөн. 1943-ж. Карачай автономиясы жоюлуп, калкы күч м-н чыгарылган. 1957-ж. кайрадан биригишип, Карачай-Черкес АОсу калыбына келтирилген. 1992-жылдан Карачай-Черкес Республикасы.

К.-Ч. Түн.-Кавказ экон. районунун курамына кирет. Респ-нын экономикасы туризмге байланыштуу (кийинки кездери региондо абал туруктуу эмес). Аймагы тоолуу (80%) болгондуктан, туризм, альпинизм ж-а курорт тармактарынын өнүгүшүнө толук шарт бар. Региондун дүң продукциясынын көлөмү 7372,3 млн рубль. Андагы ө. ж-дын үлүшү 18,3%, а. ч-ныкы 24,8%. Хим., нефть-хим. (ири ишканалары: З. С. Цахилов атн. Черкес химия өндүрүш бирикмеси, «Резинатехника»), тамак-аш («Меркурий», «Сатурн», «Камос», Эркен-Шахар кант з-ду), курулуш материалдар («Кавказцемент»), электр энергетика ө. ж. ишканалары иштейт. А. ч-га жарактуу жери 581,5 миң *га* (жер фондусунун 40%), а. и. 26,7% ин айдоо аянты ээлейт. Дан эгиндери (138,3 миң *га*), тоют ж-а жашылча-бакча өсүмдүктөрү (21,3%), картөшкө айдалат.

Т. ж-нун уз. 51 *км*, автомобилдики 3043 *км* (толугу м-н асфальтталган). Жалпы билим берүүчү 192, башталгыч ж-а орто билим берүүчү 15 окуу жайы, 16 ЖОЖ (а. и. 11 мамл., филиалдары м-н) бар. 4 театр, филармония, 8 музей (а. и. тарыхый-маданий ж-а табигый музей-корук, улуттук «Алан Эрмитажы», баалуу ташгар ж. б.), 3 китепкана (а. и. атайын азиздер үчүн) иштейт. Респ-нын аймагы аркылуу Аскер-Сухуми жолу өтөт. Респ-да 10–11-к-дын арх-ралык эстеликтери (крест-кумбылуу храмдары), коргонуу жайларынын (Адиюх шаар калдыгындагы мунара; 1760), коргон[illegible]йиттердин (14–17-к.) ж-а мечиттердин (Х[illegible]уте, 19-к-дын башы) калдыктары сакталган. [illegible]87-жылдан автордук ыр фестивалы өткөрүл[illegible]урат.

Ад.: Карачаево-Черкессия // Б[illegible]шая Российская Энциклопедия, спец. том. Россия, [illegible] 2004; Карачаево-Черкессия // Большая Российс[illegible] Энциклопедия, Т. 13. М., 2009. *Р. Карачалова.*

КАРАЧ АКЕ, Карач Мендегул уулу (1837, туулган жери белгисиз – 1914, азыркы Ысык-Көл обл., Ак-Суу р-ну, Чолок айылы) – Ысык-Көл өрөөнүнөн чыккан 7 *акенин* бири; чечен. Калыстыгынан тайбаганы үчүн бир нече жолу болуш болуп шайланган. Уруулар аралык чыр-чатак, жанжал-доолорду калыс карап, туура чечкендиктен, ал чечен Карач аталган. К. а-нин теги калмак экени, олжого түшүп, Шапак баатыр асырап алганы тууралуу аңыз кептер айтылат.

К. Асанбеков.

КАРАЧЕВ Сыдык (1899, азыркы Ысык-Көл обл., Түп р-ну, Жылуу-Булак айылы – 1937, Фрунзе) – жазуучу, журналист, кыргыз жазма ад-тын баштоочулардын бири, котормочу. Баштапкы билимди Каракол (Пржевальск) ш-ндагы татар мектебинен алган. 1921–23-ж. Ташкенттеги аскер окуу жайында окуган. 1923-ж. Караколдогу «Союз кошчу» уюмунда, 1924-ж. «Эркин-Тоо» гезитинде жооптуу секретарь, узак жылдар «Кызыл Кыргызстан» гезитинин редакциясында, Кыргызмамбаста адабий кызматкер, редактор болуп иштеген. К. адабий чыгылыгын татар тилинде ыр, ангеме жазуудан баштаган. Алгачкы ыры 1918-ж. Казанда чыгуучу «Шуро» гезитине жарыяланган. К. – кыргыз прозасына негиз салгандардын бири. Анын «Сүйгөнүнө кошула албады», «Үйлөнүүдөн качты» деген повесттери, «Армандуу эки жаш», «Ысык-Көл боюнда», «Алданган нур кызы», «Күкүк менен Зейнеп» аттуу ангемелери 1919-ж. «Көмөк» гезитине казакча басылып чыккан. 1930-жылдары жазылган «Эрксиз күндөрдө», «Эрик таңында» повесттеринде (экөө тең 1928-ж.) ж-а «Тендик жолунда» пьесасында коллективдүү чарба курулушу үчүн күрөш сүрөттөлөт. Ал кыргыздын тунгуч котормочуларынын бири катары А. С. Пушкиндин «Дубровский», «Бекетчи» деген повесттерин, Л. Н. Толстойдун «Шалпан кулак», А. П. Чеховдун «Талаа», Ромен Роллан-дын «Жан Кристофунан» үзүндү, Бретт-Граттын «Самасу кызы», Н. А. Островскийдин «Болот кантип курчуду» романын ж-а коомдук-саясий



чыгармаларды кыргыз тилине которгон. К. бейкүнөө репрессияланып, кийин акталган.

Ад.: *Жигитов С.* 20-жылдардагы кыргыз адабияты. Ф., 1984; Обретение новых традиций. Ф., 1984; *Эркебаев А.* Малоизученные страницы истории киргизской литературы. Б., 1999. *И. Жумабаев.*

КАРАЧИ – Пакистандын түштүгүндөгү шаар. Синд провинциясынын адм. борбору. Инд д-нын дельтасында жайгашкан. Калкы 12,5 млн (2008); темир ж-е, автомобиль жолдордун ири тоому.



Шаардагы заманбап мечит.

Эл аралык аэропорту бар. Башкы деңиз порту (жылына 25 млн *т* га чейин жүк ташылат). Алгач балыкчы белуждардын тургун жайы болгон. 1959-ж. чейин Пакистандын расмий борбору болуп келген. К-да фонд биржасы, машина куруу, (а. и. Япониянын «Toyota», Американын «General Motors» женил автомобилдерин чогултат), металл иштетүү кара металлургия, нефть ажыратуу, хим., текстиль, кеме куруу ж-а ремонттоо ж. б. ө. ж. ишканалары, азот жер семирткичин чыгаруучу завод иштейт. Хим. о. ж. (упаковкаларын чыгарат) өнүккөн. Ак сарайы (1865, учурда китепкана), соборлор, чиркөөлөр, мавзолей, мечиттер сакталган. Ун-т, ин-ттар, ИИИлер, Аскер-деңиз академиясы, ЖОЖдордун бир нече кампустары, музейлер, театрлар, китепканалар ж. б. бар. К-га жакын жерде заманбап ө. ж. зонасы «Текстиль шаары» (негизинен кебез-кездеме, боёчу каражаттар, тигилүү кийимдер чыгарылат) уюштурулууда.

КАРА ЧИРИК – өсүмдүк илдети. Аны мите козу карын ж-а топурак бактериясы пайда кылат. К. ч. илдетине көбүнчө картөшкө, томат, кожогат, жүзүм, сабиз, о. эле тамеки ж-а люпиндин тамыры, гозонун буласы чалдыгат. Картөшкө К. ч-ин тамыр кара чирик бактериясы пайда кылат. Илдеттүү картөшкөнүн өзөгү чирип, кабыгы карарат да жарылып, киргил суюктук агат. Томат К. ч-ин Diplodina destructiva Plowr мите козу карыны пайда кылып, томаттын быша элек мөмөсүнө боз чүнкүр так түшүп, карарып кетет. Каршы күрөшүү чарасы: аңызда, сактагычта К. ч. илдетине чалдыккан томат, картөшкөнү жок кылуу, үрөндүк картөшкөнү формалин м-н дезинфекциялоо, томаттын түшүмүн жыйноого 5–7 күн калганда 1% бордо суюктугун чачуу ж. б.

«КАРАЧ-КӨКҮЛ БАЯНЫ» – кыргыз эл жомогу. Анда сыйкырдуу кара күчтөргө каршы Көкүл баатырдын күрөшү баяндалат. Эл арасында ал «Көкүл», «Карач дөө», «Кочпосбай» деген аттар м-н да белгилүү. «Көкүл» жомогунун текстин 19-к-дын 2-жарымында европ. окумуштуулар (мис., А. Вамбери) жазып алган. Адегенде «К.-К. б.» жөө жомок түрүндө айтылып келген. Жомоктун үч варианты бар: биринчисин Ырсаалы Байырман уулунан К. Мифтаков 1923-ж. жазып алган; экинчисин Өзбеков Карынак «Кочпосбай» деген ат м-н ыр аралаш кара сөз түрүндө айткан; үчүнчүсү – Ташматов Досунун ыр түрүндөгү варианты, бул вариант «К.-К. б.» деген ат м-н басмадан чыккан (1975). Жомоктун негизинде У. Сарбагышев «Көкүл» пьесасын жазган. «Көкүл» жомогу казактарда да айтылат.

КАРА-ЧОЛОК, Л ю б л и н к о – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нундагы кыштак. Курманбек атн. айыл округуна караштуу. Жалал-Абад – Казарман автомобиль жолунун жээгинде, деңиз деңг. 1290 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 48 *км* түн.-чыгыш тарапта. Багыш т. ж. бекетинен 30 *км*. Калкы 1935 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбасында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, оорукана, мончо бар. Төрт тегирмен, майжуаз цехтери, мал базар, соода түйүндөрү иштейт.

КАРА ЧОРО – *оң канатка* кирген уруулардын биринин түпкү атасы, оозеки санжыралар б-ча легендарлуу Тагай бийдин Эреше ханда (к. *Абд ар-Рашид хан*) ак үйлүү болуп жүргөндө алган токол аялынан туулган бала (к. *Багыш*).

КАРА-ЧУҢКУР – Ысык-Көл обл-нун Түп р-нундагы кыштак. Санташ айыл округуна караштуу. Күнгөй Ала-Тоонун этегинде, Түп өрөөнүнүн түндүгүндө, Түп – Каркыра автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1755 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Түп кыш-нан 29 *км* чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 220 *км*. Калкы 1488 (2007); негизинен мал м-н алектенип, тоют өсүмдүктөрүн даярдашат. Орто мектеп, китепкана, оорукана, дарыкана ж-а мад-т үйү бар. Турмуш-тиричилик кызматынын болүмдөрү, соода жайлары иштейт.

КАРА-ШААР – Ысык-Көл обл-нун Тоң р-нундагы кыштак. Улакол айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1621 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Бөкөнбаев кыш-нан 66 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 27 *км*. Калкы 1002 (2009); негизинен мал чарбасында эмгектенип, тоют даярдашат. Негизги мектеп, китепкана, ФАП бар.

КАРА ШАКЫЛДАК (Aquila heliaca) – бүркүттөр тукумундагы куш. Уз. 80 *см*дей, канатын жайганда 2 *м*ге жетет. Чанда жолугуучу, көчүп жүрүүчү куш. Кээ бир маалыматтарга караганда К-тын Ысык-Көлдө, Кыргыз Ала-Тоосунда ж-а



Талас өрөөнүндө уялаганы белгилүү. Көбүнчө сейрек дарактуу, ачык жерлерди мекендейт. Ал бардык ачык талаалар айдалгандыктан, башка тынч жерге ооп кетүүгө мажбур болгон. К. ш. эски уясын пайдаланат. 1–3 жумуртка тууйт. К. ш. көбүнчө а. ч. өсүмдүктөрүнө зыян келтирүүчү ж-а оору жугузуучу кемирүүчүлөр м-н азыктанып, пайда келтирет. Саны азайгандыктан, 1975-жылдан коргоого алынып, Кырг-ндын Кызыл китебине катталган.

КАРА-ШАЛТА – Чүй обл-нун Сокулук р-нундагы кыштак. Күнтуу айыл округуна караштуу. Деңиз денг. 918 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сокулук кыш-нан 15 *км* түш.-чыгыш тарапта. Шопоков т. ж. бекетинен 13 *км*. Калкы 1008 (2004); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, ФАП, клуб бар.

КАРАШЕВ Аалы Азимович (30. 10. 1968-ж. т., Ош обл., Өзгөн р-ну, Ак-Жар айылы) – мамл. ишмер. Мамл. кызматтын 2-класстагы мамл. кеңешчиси. А. ч. илимд. кандидаты. 1991-ж.



К. И. Скрябин атн. а. ч. интун, 1995-ж. аспирантурасын бүтүргөн. 1995–96-ж. о. эле окуу жайында окутуучу, 1996–98-ж. КРдин жерг. өзүн-өзү башкаруу ассоциациясынын башкы адиси, 1998–2007-ж. КР Президентинин Администрациясында бөлүм башчынын орун басары, бөлүм башчы, 2007–09-ж. Ош обл. мамл. администрация башчысы-губернатору, 2009–10-ж. КРдин вице-премьер министри-Өкмөттүн аппарат жетекчиси, 2011-ж. КР Президентинин аппаратында бөлүм башчы, Премьер-министрдин кеңешчиси, КРдин 1-вице-премьер-министри. 30дан ашуун ил. эмгектин автору.

КАРАШЕВ Ташмат (1. 2. 1932-ж. т., Ош обл., Өзгөн р-ну, Кызыл-Дыйкан айылы) – физик, физика-математика илимд. кандидаты (1963), проф. (1992). КРдин илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (2004), КРдин билим берүүсүнө эмг. сиң. кызматкери (2000). КМУну (1953), ошол эле жерде аспирантураны (1956) бүтүргөн. Ленинград инженер-экономика ин-тунда окутуучу (1955–57), КМУда окутуучу (1957), улук окутуучу, доцент (1965), кафедра башчысы (1967–72), декан (1972–78), 1978-жылдан кафедра башчысы. Катуу перселердин физикасы б-ча адис. 50дөн ашык ил. эмгеги, а. и. 6 окуу куралы жарык көргөн.

Эмг.: Механика (в соавторстве). Ф., 1972; Молекулярная физика. Б., 1996; Физика курсу (авторлош). Б., 2002.

КАРАШЕВА Тамара Ташматовна (11. 8. 1959-ж. т., Нарын ш.) – математик, математика илимд. кандидаты (1984), КРдин илим ж-а техника б-ча мамл. сыйл. лауреаты (2004). КМУнун физика ф-тин (19[illegible] СССР ИАнын П. Н. Лебедев атн. ФИнин асп[illegible]гурасын (1984) бүтүргөн. КР ИА ФИде ил кы[illegible]жер (1986–91), КМУда доцент (1991–2000), [illegible]гыз-Түрк «Манас» ун-тинде доцент (2000–05), [illegible]ректор (2000-жылдан). Физиканын оптика тармагы б-ча адис. 30дан ашык ил. эмгеги жарык көргөн.

Эмг.: Физика курсу. Б., 2002; Физика курсу. Б., 2009.

КАРА-ШОРО – Ош обл-нун Алай р-нундагы кыштак. Конур-Дөбө айыл округуна караштуу. Деңиз денг. 1530 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 6 *км* батыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 80 *км*. Калкы 1364 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп бар.

КАРА-ШОРО МИНЕРАЛДУУ СУУСУ, Конур-Дөбө минералдуу суусу – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы дарылыкка ичүүгө жарамдуу минералдуу муздак суу булактары. Өзгөн ш-нан 80 *км* чыгыш тарапта, Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы Жазы ж-а Конур-Дөбө сууларынын кошулган жеринде, деңиз денг. 2300 *м* бийикте. 1945-ж. табылып, сууну пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн 1948–54-ж. изилденген. Суу булак түрүндө ж-а терендиги 70–130 *м* келген 14 бургулоо козоюкторунон чыгат. Булактар юра мезгилинин башталышындагы кумдук, алевролит, аргиллит, чополуу сланец, гравелит ж-а конгломерат катмарлардан (калындыгы 700 *м*) чыгат. Көмүр кычкыл газдуу минералдашкан (5–6 *г/л*) сууларга кирет. Түссүз, жытсыз, даамы кычкыл, суунун темп-расы 7,6–14,5°С. Курамы б-ча Есентуки суусуна окшош. Запасы суткасына 0,197 миң $м^3$ (1971). Суу бөйрөк, боор, ичеги-карын, кан басым, диабет ооруларына пайдалуу.

КАРА-ШОРО ӨРӨӨНҮ – Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы бийик тоо өрөөнү, капчыгай, жайлоо, кооз жер. Өзгөн р-нунун аймагында. Оштон 130 *км*, Жалал-Абаддан 110 *км*, Өзгөндөн 75 *км* аралыкта. Капчыгайдын таманы анча жазы эмес. 2100–2300 *м* бийикте жатат. Чыгыштан батышка 26 *км*ге созулат; туурасы 5–6 *км*. Каптал капчыгайлары (Чабай, Качыралы-Төр, Чоң ж-а Кичи Кулубек, Аксур) кокту-колоттуу келип, кыска. Климаты континенттик. Декабрь–февраль айлары ызгаардуу (–15... –20°С), жайы жылуу (12–15°С). Жылдык жаан-чачыны 1000 *мм*ге чейин. Жайылмаларда ж-а тоо этектеринде тал, терек, кайың, долоно, табылгы, карагат, шилби, жылгын, ит мурун, ыргай ж. б. өсөт. Тоо капталдарына арча-бадал аралашкан бийик чөптүү шалбаа (2900–3000 *м*ге чейин), субальп ж-а альп шалбаалары ж-а шалбаалуу талаа, нивалдык-гляциалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Качыралы-Төр капчыгайынын ичи өзгөчө кооз, мында токой аралаш бийик чөптүү шалбаа ж-а жыланач аскалуу беттер жатат. Минералдуу суулары бар (к. *Кара-Шоро минералдуу суусу*). Экотуризмге ылайыктуу жер.



Өрөөндүн б[illegible]скагы.

КАРА-ШОРО ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫ Өзгөн р-нунун аймагында. 1996-ж. уюшулган. Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы минералдуу булак чыккан, токой, шалбаа өсүмдүктөрү жакшы сакталган аймакты камтыйт. Аянты 845 *га*. Паркта Батыш Тенир-Тоо м-н Памир–Алай тоо тармактарына мүнөздүү ажайып токойлор (карагай, жаңгак-жемиш, арча), бийик шалбаа өсүмдүктөрү, бадалдар ж-а алардын арасында ар түрдүү жаныбар бар.

КАРБАЗО́Л, дибензопиррол $C_{12}H_9N$ – гетероциклдүү бирикме; мол. салм. 167,21; түссүз кристалл, эрүү t 238°С; кайноо t 354–355°С; суюда эрибейт, орг. эриткичтерде жакшы эрийт. Пиррол шакекчесине мүнөздүү түстүү реакцияны берет, начар негиздик касиетке ээ. К-таларды таасир этүүдө туруксуз туздарды пайда кылат.



Галогендөөдө 3- ж-а 3–6 туундуларын, сульфирлөөдө 3-карбазолсульфо к-таны же 1, 3, 6, 7-карбазолтетрасульфо к-таны берет. К. таш көмүр чайырынан, о. эле синтез жолу м-н амидифенил, фенантрен ж. б-дан алынат. К. боёк, дары-дармек, пластмасса, инсектициддерди алууда колдонулат.

КАРБИДДЕР – көмүртектин металлдар ж-а кээ бир металл эместер м-н болгон хим. бирикмелери. Хим. байланыш типтери б-ча иондук, коваленттик ж-а металл сымал болуп бөлүнөт. Иондук К-де металл атомдору – катион, көмүртек анион катары каралат. Булар: Li_2C_2, Na_2C_2, CaC_2, Cu_2C_2, Al_4C_3 ж. б. Суу м-н биригип, ацетилен же метанды бөлүп чыгарат. Коваленттик К-ге кремний ж-а бор К-и SiC, B_4C кирет. Аларда атом аралык байланыштары өтө күчтүү болгондуктан, өтө катуу ысытууга туруктуу ж-а жарым өткөргүч касиетке ээ. Металл сымал К. – металлдарга окшош электр тогун жакшы өткөрүүчү, катуу морт заттар. Металл сымал К-де көмүртек атому металлдын кристаллдык торчосундагы бөштүкка жайгашкандыктан, өтө катуу, бышык, өтө жогорку темп-рада эрүүчү заттар, мис., HfC 4200°Сде эрийт. Алар суу, щелочь, көнчүлүк минералдык к-таларга абдан туруктуу. Металл сымал К-ге H_2, O_2ни таасир эткенде гидрокарбиддер, оксикарбиддер. Алар жогорку темп-рага ж-а к-таларга абдан туруктуу. К. негизинен күкүмдөлгөн металлдарды көмүртек м-н инерттүү чөйрөдө жогорку темп-рада ысытууда алынат. К. табиятта минерал түрүндө да коп жолугат. К. ширетүү ишинде ацетилен (CaC_2) булагы, титан, ниобий, тантол, молибден, вольфрам ж. б. металлдардын К-и катуу куймалардын компоненти катары, жогорку темп-ралык жылыткычтар үчүн материал (SiC ж. б.), кескич ж-а жонгуч аспаптарды жасоодо колдонулат.

КАРБО..., КАРБО́Н... (гр. carbo – көмүр) – таатаал сөздөрдүн көмүртек кошундусуна (мис., карбонарилер карбиддер, карбонаттар) тиешелүү маанилерди туюндуруучу биринчи бөлүгү.

КАРБОНАТИТ КЕНДЕРИ – ультранегиздүү, жегичтүү тектер м-н байланышкан кендердин тобу. Сейрек кездешүүчү элементтердин (ниобий, тантал, цезий ж. б.) ж-а кенташ эмес сырьёлордун (апатит, флогопит, вермукулит) ө. ж. кендери. Негизинен 6 кенташтуу тоо формациясына бөлүнөт: 1) перовскит-титан-магнетиттүү гипербазиттердин арасында линза, тарам, зона түрүндө орун алган формация. Мындан темир, титан, тантал, ниобий ж-а сейрек кездешүүчү элементтер өндүрүлөт; 2) уртит-ийолиттердеги алюминий өндүрүлүүчү нефелиндүү тектер. Түспөлүз же тарам түрүндө кездешет; 3) апатит-магнетит-форстериттүү тектер. Шток, шток-верк түрүндө орун алат. Темир, фосфор, тантал, ниобий, цирконий, уран алынат; 4) флогопиттүү скарндар. Линза, тарам, зона түрүндө жолугат. Флогопит, вермикулит, фосфор өндүрүлөт; 5) гатчеттолит-пирохлор-кальциттүү карбонаттар. Зона, штокверк, түтүнчө түрдө кездешет. Арасында ниобийдин ири кени орун алат. Тантал, фосфор, уран, торий, цирконий кендери топтолот; 6) колумбит-бастенизит-анкерит карбонаттары.

Салаа, штокверк, тарам пайда кылат. Ниобий, цезий, торий, молибден, жез кендери өндүрүлөт. Ири кендери Африкада (фосфор, ниобий, тантал), Канада м-н Бразилияда (ниобий), Сибирь м-н Казакстанда (флогопит, вермикулит, темир) ж. б. жерлерде жолугат.

Ад.: *Кузнецов В. Г.* Природные резервуары нефти и газа карбонатных отложений. М., 1992; *Фролов В. Т.* Литология. М., 1993. Кн. 2; *Кузнецов В.* Эволюция карбонатонакопления в истории Земли. М., 2003.

КАРБОНАТТАР – көмүр к-тасынын (H_2CO_3) туздары. Алар орто (K_2CO_3, Na_2CO_3, $CaCO_3$), кычкыл ($KHCO_3$) ж-а негиздик $[Cu(OH)_2CO_3]$ болуп бөлүнөт. Щелоч ж-а щелочтуу жер металлдарын, аммоний ж-а таллийдин орто К-ы гана сууда эрийт. Эритмелери негиздик касиетке ээ. К. ысытуудан ажырайт. Мис., $CaCO_3=CaO+CO_2$. Гидрокарбонаттар ысытканда, орто К-га айланат: $2NaHCO_3=Na_2CO_3+H_2O+CO_2$. Жаратылышта орто К. кенири таралган. Zn, Pb, Cu, Fe ж. б. сыяктуу металлдардын К-ы – баалуу металл кендери. Алардын ичинен $CaCO_3$ – кальцит, $MgCO_3$ – магнезит ж. б. курулушта, хим. ө. ж-нда, отко чыдамдуу материалдарды алууда колдонулат. Синтезделген К-дан сода (Na_2CO_3 ж-а $NaHCO_3$) техникада кенири колдонулат. Гидрокарбонаттар буфердик зат болуу м-н физиол. мааниси да чоң. К. жаратылышта минералдар түрүндө кенири таралган. Алардын негизгилери: кальцит $CaCO_3$, магнезит $MgCO_3$, сидерит $FeCO_3$, родохрозит $MnCO_3$, смитсонит $ZnCO_3$; витерит $BaCO_3$, стронцианит $SrCO_3$, церуссит $PbCO_3$ ж. б. К. ачык түстө; жез карбонаты гана жашыл-көгүлтүр түстө болот. Бардык К. туз ж-а азот к-тасы м-н кошулганда *көмүр кычкыл газын* бөлүп чыгарат. Негизги өкүлдөрү (кальцит, доломит, сидерит) чөкмө түрүндө деңиз түбүндө пайда болот да, калың катмарларды түзөт. К. Кырг-да өтө көп, негизинен хим., цемент, ө. ж. үчүн сырьё ж-а курулуш материалы (акиташ, мрамор) катары колдонулат.

КАРБО́Н КИСЛОТАЛАРЫ – молекуласында карбоксил – COOH топтору бар бирикмелер. Молекуладагы карбоксил топторунун санына жараша алар бир, эки, үч ж-а көп негиздүү, ал эми ал топтор м-н байланышып турган радикалдардын түзүлүшүнө жараша ациклдүү, ароматтык, гетероциклдүү, каныккан ж-а каныкпаган болуп бөлүнөт. Алардын аттары тривиалдык, рационалдык ж-а ил. номенклатуралар б-ча аталат. Практикада тривиалдык номенклатура көбүрөөк колдонулат. Мис., кумурска, алма, валериан, лимон к-тасы ж. б. Ал эми Женева номенклатурасы б-ча алардын аты углеводороддордун атынан алынып, аягына «кислотасы» деген сөз кошулат. Мис., этан, бутан к-тасы ж. б. Рационалдык номенклатура б-ча карбон к-таларынын аттары уксус к-тасынын метил тобундагы суутек атому алкил радикалдары м-н орун алмашкан бирикмелер сыяктуу каралат. Мис., $CH_3–CH_2–COOH$ – метилуксус к-тасы, $CH_3–(CH_2)_2–COOH$ – этилуксус к-тасы, $C_6H_5–CH_2–COOH$ – фенилуксус к-тасы ж. б. К. к. начар к-талар. Суудагы эритмеси минералдык к-таларга салыштырмалуу күчтүү диссоциацияланат. Алар – суюк же катуу заттар. Молекулалык массалары анча чоң эмес ациклдүү К. к-нын төмөнкү өкүлдөрү суюктукка жакшы эрийт. Ири молекулалуу өкүлдөрү суюктукка эрибейт; спирт, эфир, бензолдо жакшы эрийт. Хим. жактан активдүү бирикмелер. Негиздик м-н туздарды $RCOOH + NaOH \rightarrow H_2O + R–COONa$; спирттер м-н татаал эфирлерди, $R+COOH + R'OHXR–COOR'+ H_2O$ фосфор галогениди, хлордуу тионил ж-а сульфирил м-н хлорангидриддерди R-COCl, ал эми сууну өзүнө тартып алуучу заттардын таасиринде ангидриддерди $(RCO)_2O$ пайда кылат. К. к. жаратылышта (айрыкча алифаттык) эркин түрүндө да, бирикмелер түрүндө да көп таралган. Алар өсүмдүктөрдүн мөмөлөрүнүн, майдын, кандын курамында кездешет. Синтез жолу м-н кислоталардын нитрилдерин гидролиздөөдөн, углеводороддорду, спирттерди, альдегиддерди окистендирүүдөн алынат. К. к-нын бирикмелери эл чарбасында чоң мааниге ээ. Мис., кумурска ж-а уксус к-талары кездеме боёдо; уксус к-тасы ж-а ангидриддери ацетилцеллюлоза алууда, ал эми ири молекулалуу К. к. самын, сыр, лак өндүрүүдө; адипин ж-а терефтал к-талары синтез буласын алууда колдонулат.

С. А. Адылов.

КАРБО́Н МЕЗГИЛИ, к. *Таш көмүр мезгили.*

КАРБОЦИКЛДҮҮ БИРИКМЕЛЕР, изоциклдүү бирикмелер – молекуласында көмүртек атомунан түзүлгөн цикли (шакеги) бар орг. бирикмелер. К. б. алициклдүү ж-а ароматтык болуп бөлүнөт. Ароматтык бирикмелерге бензол ж-а анын гомологдору м-н туундулары, трополондор, азулендер ж. б. кирет. Алициклдүү бирикмелерге каныккан алициклдүү, полиметилендүү (циклоалкандар ж-а алардын туундулары), мис., циклопропан, циклогексан, гексахлорциклогексан, каныкпаган алициклдүү бирикмелер (циклобутен, циклопентадиен) кирет. К. б-дин циклинде көмүртектин атомунун саны ж-а циклдеринин саны ар түрдүү. Шакектердин санына жараша алар бир ядролуу же моноциклдүү, би-, три- ж-а полициклдүү болуп бөлүнөт. Эки цикл бири-биринен көмүртектик түз чынжыр м-н, мис., дифенилэтан $C_6H_5–CH_2–CH_2–C_6H_5$ же жөнөкөй байланыш м-н байланышы мүмкүн, мис., дифенил $C_6H_5–C_6H_5$. Көпчүлүк учурда циклдер жалпы эки көмүртектин атомуна ээ конденсацияланган ядролор, мис., нафталин. Алициклдүү ж-а ароматтык бирикмелер хим. жол м-н бири-бирине оңой өтөт. Мис., бензолду майдаланган Niдин үстүнөн гидрлегенде – циклогексан, ал эми ультра-кызгылт көк нур м-н нурландырып, хлорлогондо гексахлоргексан алынат. К. б. өтө кенири тараган. Алар синтетикалык чайырларды, пластмасса, дары-дармек, боёк, инсектицид ж. б. заттарды алууда колдонулат.

КАРБЮРА́ТОР (фр. carburateur) – суюк отун (бензин, керосин ж. б.) ж-а абадан пайда болгон күйүүчү аралашманы даярдап, аны ичинен күйүүчү кыймылдаткычка үлүштөп берүүчү жабдуу. К-догу күйүүчү май чачырап, аба м-н аралашып, бууланат да, пайда болгон аралашма кыймылдаткычтын цилиндрлерине берилет. Анда аралашма тез ж-а толук күйүп, аба кысылганда поршендер иштейт. Күйүүчү аралашманы даярдоо карбюрация деп аталат. Цилиндрлерге келүүчү күйүүчү аралашманын саны дросселдик тоскуч аркылуу жөнгө салынат. К-дун ар кандай иштөө тартибинде күйүүчү аралашманын керектүү сапатын автоматтык жөнгө салгыч-өлчөгүч жабдуу камсыз кылат. Бул учурда цилиндрге кирген абанын өлчөмү дроссель клапаны аркылуу жөнгө салынып, күйүүчү майдын бүркүү учуру электрондук жабдуу менен аныкталат.



КАРБЮРАТОРЛУУ КЫЙМЫЛДАТКЫЧ – *ичинен күйүүчү кыймылдаткыч*. Мында цилиндрде күйүүчү аралашма карбюратордо даярдалат ж-а күйүү камерасында учкун чачыратып от алдыргычтын жардамы м-н жалындап күйөт. Мындай кыймылдаткычтарда жеңил отундун түрлөрү (бензин, спирт, лигроин, керосин) колдонулат ж-а алар корбюратордо жеңил бууланып, аба аралашкан күйүүчү затты түзөт. К. к. отундун жеңил күйүшү ж-а күйүү басымынын төмөндүгү м-н башка кыймылдаткычтан айырмаланып турат. К. к-тын салыштырма салмагы жеңил *автомобилдерде*, мотоциклдерде, бир катар суу ж-а авиация. транспортторунда колдонулат.

КАРГА АКЕ, Карга Мендегул уулу (1718, туулган жери белгисиз – 1828, азыркы Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Даркан айылы) – Ысык-Көл өрөөнүнөн чыккан 7 акенин бири; Батыш Сибирь генерал-губернатору м-н сүйлөшүү үчүн 1824-ж. элчи жиберүүгө демилге көтөргөн бийлердин бири. К. а. кара кылды как жарган калыс болгондуктан, эл ичинде «калыстыкты Каргадан тап» деген сөз калган. Мындан тышкары «Жетимге санаалаш, жесирге каралаш бол», «Кайратты элден, келбетти жерден ал», «Тазалыкты суудан, ынтымакты туудан ал» деген накыл сөздөр К. а-ге тиешелүү делет. 1996-ж. ага күмбөз тургузулган. *К. Асанбеков.*

КАРГА СЫМАЛДАР (Corvidae) – куштардын таранчы сымалдар туркүмүнүн тукуму. Дене уз. 65 *см*ге чейин. Көпчүлүгү кызгылт көк кулпунган калың жүн м-н капталган. Тумшугу ж-а буту күчтүү. Жер жүзүндө 26 уруусу, 104 түрү таралган. КМШ өлкөлөрүндө 16, Кырг-нда 7 түрү бар. К. с-га кузгун, көк ж-а кара карга, сагызган, таан, чөкө таан, чар карга ж. б. кирет. Алар токой, талаа, чөл ж-а тоо, эл жашаган ж. б. жерлерде кездешет. Дарак, бадал, аскага биринделп, кээде топтошуп уялайт. Жылына бир жолу 3–8 чаар жумуртка туулт. Келгин ж-а отуруктуу куш. К. с. азыгын ылгабайт. Кээси кемирүүчүлөр, зыяндуу курт-кумурска ж. б. м-н азыктанып, пайдалуу. Айрымдары башка куштардын балапан, жумурткасын ж. б. жеп зыян келтирет. 2 түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.



КАРГАША КӨМҮР КЕНИ Ош обл-нун Өзгөн р-нунда, Өзгөн ш-нан 60 *км* чыгыш тарапта, Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталында. Мындагы көмүр жерг. элге илгертен белгилүү. 1942–55-ж. геол. чалгындалып, запасы эсептелген. Кен Өзгөн көмүр бассейнинин түн.-батыш тарабынан орун алып, эни 9 *км*, уз. 13 *км* аянты эзелейт. Кен «Сол өйүз», «Оң өйүз» ж-а «Түн.-чыгыш» деп аталган үч участкадан турат. Аймагында юра мезгилинде пайда болгон чөкмө тоо тек катмарлары таралган. Көмүр негизинен кумдук, алевролит, аргиллит ж-а көмүрлүү сланецтердин арасында кездешет. Кендеги көмүр катмарынын ичинен V, VI–VII, VIII калың катмарларга кирет. Көмүр гумустуу, кокстолат. Күйгондө 34,3 *МДж/кг* жылуулук берет. Запасы C_2 категориясы б-ча 129193 мин *т* (1992).

КАРГЫ – жетелеп жүрүүгө, чынжырга, жип байлоого ылайыкталган иттин мойнуна тагылган кайыш.

КАРГЫШ ЫРЛАРЫ – оозеки чыг-лыктагы *каада-салт ырларынын* түрү. Кыргыз фольклорунда К. ы. көркөмдүк түзүлүшү, мааниси, кенири масштабда өнүккөндүгү м-н салттуу поэзиянын бир бөлүгү катары кабылданган. Мындай ырлар адамдын күнүмдүк жашоосунда турмуштук бир кырдаалдан (жек көрүү, өч алуу, ич күйүү, арануу) улам келип чыккан. Адатта К. ы. алгач кара сөз түрүндө айтылып, кээде ар кандай магиялык күчтөр, көз боёмочулук м-н тыгыз байланышта болгон, мис., байыркы грек мифтеринде, шамандардын ырым-жырымдарында

мындай көрүнүш арбын. Кийинчерээк эки же андан көп сап ыр формасында айтыла баштаган (мис., Муздаган таштай бол, мүлжүлгөн баштай бол! Ичкениң ирим болсун, жегениң желим болсун! Эчкинин сүтүн жутпай кал, энеңдин үнүн укпай кал! ж. б.). Айтылган каргыш багытталган адамдын тагдырына терс таасири тийген учурлар болгон. Каргышты илгертен «касиеттүү» деп эсептелген адамдар айткан. Элдик эпикалык чыгармалардын (эпостордун, легенда, миф, уламыштардын) тексттеринде (мис., «Манас» үчилтигинде, «Эр Төштүк», «Кожожаш», «Курманбек» эпосторунда) каргыш белгилүү бир окуянын андан ары өнүгүшүнө шарт түзөт. Ал түрк тилдүү элдердин фольклорунда да кездешет.

КАРДА́НО МЕХАНИЗМИ – бири бирине карата кандайдыр бурч м-н жайгашып, октору бир түз сызыкта жатпаган, жетелөөчү валдын айлануу кыймылын жетеленүүчү валга өткөрүүчү түзүлмө. Итал. окумуштуу Ж. Карданонун атынан аталган. Кардано кыймыл өткөрүүчү кардано валынан ж-а шарнирлерден турат. К. м. автомобилдерде, тракторлордо ж. б. транспорт машиналарында айлануу учурун кыймыл өткөрүү кутусунан же болуштүргүч кутудан жетелөөчү мосттун башкы кыймыл өткөргүчүнө берүү үчүн колдонулат. Жетеленүүчү валдын бир калыпта айланышын камсыз кылуу үчүн эки эселенген К. м-н колдонуу ынгайлуу. Анын жантаюу бурчу 38°ка жетет. Ал эми валдардын жантаюусу 3...5°болгондо, серпилгичтүү К. м. колдонулат.



Толук кардан: 1 – вилка; 2 – крестовинанын цапфасынын тиреги; 3 – капкагы; 4 – крестовина.

КАРДА́НО ФОРМУЛАСЫ – кубдук теңдеменин $x^3+px+q=0$ тамырларын анын коэфф-тери (p ж-а q) аркылуу туюнтуучу формула. Кубдук теңдеменин бардык түрү К. ф-на келтирилет:

$$x=\sqrt[3]{-\frac{q}{2}+\sqrt{\frac{q^2}{4}+\frac{p^3}{27}}}+\sqrt[3]{-\frac{q}{2}-\sqrt{\frac{q^2}{4}+\frac{p^3}{27}}}.$$

К. ф-н итал. математик Ж. Кардано (1545) киргизген. Бирок бул формула Ж. Кардано, италян. математиктери Н. Тарталья, С. Ферронун (1515) кимисине тиешелүү экени так эмес, к. *Кубдук теңдеме.*

КАРДИНА́Л (лат. cardinalis – башкы) – католик чиркөөсүндөгү Рим папасынан кийинки диний даража, ушул даражага ээ дин кызматкери, папанын жакын кеңешчиси ж-а чиркөөнү башкаруу б-ча жардамчысы. К-ды рим папасы дайындайт, ал эми папаны кардиналдар коллегиясы шайлайт (1179-ж. Латерандык собордун токтому). 1586-ж. Рим папасы Сикст Vнин учурунда К-дын саны 70 болсо, Иоанн XXIII ж-а Павел VIнын убагында 120 жетип, епископтор гана К-дыкка шайланган. Курамына Азия ж-а Африка өлкөлөрүнөн өкүлдөрү кирген. Римде жашаган К. Ватикандын борб. органдары – конгрегация, трибуна ж. б-ды башкарган. К-дар К.-епископтор, К.-пресвитерлер, К.-дьякондор болуп бөлүнөт. Павел VIнын чечими (1970) м-н 75ке чыккан К. пенсияга чыгат, ал эми 80 жаштан коллегиянын мүчөсү боло бөрет, бирок рим куриясынын курамына кирүү ж-а жаңы папаны шайлоо укугу жоюлат.

КАРДИНА́ЛЕ Клаудия (өз аты-жөнү Клод Жозефин Розе) (15. 4. 1939-ж. т., Тунис) – итал. киноактриса. Тунисте 18 жашында улуттук сулуулар конкурсунда жеңишке жетишип, 1957-ж. үй-бүлөсү м-н Италияга келген. 1957–58-ж. Римдеги эксперименттик киноборбордо окуган. Кинодо 1957-жылдан («Алтын чынжырлар», Франция). Реж. М. Болоньинин «Сулуу эркек», (Франция, 1960) ж-а «Ла Виачча» фильми актрисага чоң ийгилик алып келген. Анын чыг-лыгында Л. Висконтинин «Рококо ж-а анын бир тууган-дары» (1960), «Кабылан» (1962), «Чоң Жетигендин тумандуу жылдыздары» (1965), «Интерьердеги үй-бүлөлүк портрет» (1974) ж-а реж. Ф. Феллининин «Сегиз жарым» (1963) фильмдериндеги ролдору көрүнүктүү орунду ээлеген. 1969-ж. сов.-итал. «Кызыл чатыр» (реж. М. К. Калатозов) фильмине тартылган. П. Скуитьеринин «Темир префект» (1977), «Корлеоне» ж-а «Курал» (1979), «Кларетта» фильмдеринде жөнөкөй итал. аялдын образын чебер ачып берген. 1990–2000-жылдары Парижде жашап, киного («Алардын аты-жөнү... каракчылар», «Анда эмесе... мырзалар жана айымдар ж. б.», «Жарым күндүк жин») ж-а телесериалдарга тартылууда («Ностромо», «Оттуу чөл» ж. б.).


К. Кардинале жана А. Делон «Кабылан» фильминде.

КАРДИОЛО́ГИЯ (гр. kardia – жүрөк ж-а *...логия*) – медицинанын жүрөк-кан тамыр системасынын түзүлүшүн, функциясын, ооруларынын

пайда болуу себебин диагноздоо, оорунун өтүшүн, дарылоо ж-а алдын алуу ыкмаларын иштеп чыгуучу бөлүмү. К. ж-дөгү маалыматтар байыркы ад-ттар[illegible]дан белгилүү. 17–19-к-да коронар кан айлануу ачылып, *жүрөк кемтигинин* кээ бир түрү, *стенокардия* ж. б. оорулар белгилүү болгон. Англ. врач Р. Лаэннек стетоскоптун жардамы[illegible] жүрөктүн согуу добушун угуу ыкмасын киргизип, көпчүлүк жүрөк ооруларына диагноз коюуну жеңилдеткен (1819). 19–20-к-да физиологиялык өнүгүшү, айрыкча И. М. *Сеченов*, И. П. *Павлов* ж. б-дын эмгектери К-нын андан ары өнүгүшүнө көмөк болгон. Голл. илимпоз В. Эйнтховен электрокардиография (1903), орус врачы Н. С. Коротков артерия кан басымын аныктоодо добушту угуу методун сунуш кылган. Азыркы К. эң татаал диагностикалык ж-а дарылоочу аппараттар м-н жабдылган. Жүрөк-кан тамыр ооруларын аныктоодо *рентгеноскопия, рентгенография,* ангиокардиография, электркимография ж. б. методдор колдонулат. Техниканын жетишкендиктери ж-а диагностиканын азыркы методдору жүрөкко операция жасоого мүмкүнчүлүк түздү. 1967-жылы амер. врач К. Барнард медицинанын тарыхында 1-жолу жүрөктү көчүрүү операциясын жасаган. Россияда жүрөк-кан тамырга А. Н. Бакулев, Б. В. Петровский, А. А. Вишневский ж. б. операция жасашкан. Кырг-нда биринчи жолу 1958-ж. И. К. *Ахунбаев* жүрөккө операция жасаган. 1977-ж. Фрунзеде (азыркы Бишкек) К. ИИИ ачылган (азыр *Улуттук кардиология жана терапия борбору*).

КАРДИОСКЛЕРО́З (*кардио...* ж-а *склероз*) – жүрөк-кан тамыр атеросклерозунда жүрөк кан м-н жетишсиз камсыз болгондо ж-а сезгенгенде жүрөк булчуңунун туташтырма тканынын өсүп кетишинен болгон оору. Демейде жүрөктүн кандайдыр бир өнөкөт же катуу кармаган ооруларынан келип чыгат. Ага көбүнчө инфекция – аллергиялык, вирустук ж-а бактериялык миокардиттин кабылдоосунан болгон жүрөктүн таажыча артериясынын атеросклерозу себеп болот. Анын алгачкы ж-а негизги белгилери: адегенде кара күч жумшаганда, кийинчерээк тынч абалда да демигүүнүн пайда болушу; кийин оорулуунун тамыры тез кагат, буту шишийт, боору чоноёт, өпкө кан тамырларында кан жай жүрүп, дем кыстыгат; жүрөк чоноёт, жүрөк капкаларынын туташтырма ткандары өсүп, *жүрөк кемтигине* алып келет. Дарылоодо жүрөк булчуңун кан м-н жабдууну жакшыртуу үчүн кан тамыр кеңейтүүчү дарылар, жүрөктүн начарлашын (жетишсиздигин) жакшыртуучу, кагуу ыргагын оңдоочу каражаттар колдонулат.

КАРДИОСТИМУЛЯ́ЦИЯ – жүрөктүн кагуу ыргагынын бузулушун атайын прибор – кардиостимулятордун жардамы м-н дарылоо ыкмасы. Анын жүрөк кагуусун тездетүүчү ж-а жайлатуучу түрлөрү болуп, жүрөктүн ж-а тамырдын кагуу ыргагына жараша колдонулат. Кардиостимулятор 2 негизги бөлүктөн – жүрөк булчуңун (миокардды) иштетүүчү электроддон ж-а энергия булагынан турат. Прибор операция жолу м-н туруктуу стимулдоо үчүн электроддор – миокардга, электр булагы курсак, көкүрөк же колтук терисинин астына жайгаштырылат. Кийинки убакта электродду кол же моюн венасы аркылуу жүрөк көңдөйүнө (он карынчага) орнотуу ыкмасы иштелип чыккан. Электроддун жайгашуусу рентгендик изилдөө м-н текшерилип турат. Аны бардык курактагы оорулууга коюуга болот. Бул операция кардиохирург. мекемелерде жүргүзүлөт. К. жүрөктүн кагуу ыргагы ж-а кан өткөрүүсү бузулганда ж-а диагностикалык максатта колдонулат.

КА́РДИФФ – Улуу Британиядагы тарыхый провинция Уэльстин адм. борбору. 1996-жылдан унитардык түзүлүш статусуна ээ. Бристоль булуңундагы порт (2005-ж. 2,5 млн *т* жүк ташылган). Калкы 311,5 мин (2008). Эл аралык аэропорту бар. Т. ж. ж-а автомагистралдар Уэльстин ж-а Улуу Британиянын башка шаарлары м-н байланышат. Учурда ири ө. ж. ж-а соода борбору. Кара металлургия, машина куруу (электр-тех., радиоэлектроника), тамак-аш (пиво), кагаз ө. ж. ишканалары ж-а 150дөн ашык фирмалар иштейт. К-да көптөгөн масса-


Ыйык Иоанн Чокундуруучу чиркөөсү (15-к.).

лык маалымат каражаттары (а. и. телекомпания ж-а BBC Wales радиостанциялары) жайгашкан. Алгач б. з. ч. 1-к-да эле адамдар отурукташкан. Сепил (11-к.), Лландафта кафедралуу собор (12–15-к.), готика стилиндеги Сент-Жон (15-к.) ж-а Ыйык Иоанн Чокундуруучу (15-к.) чиркөөсү сакталган. Ун-ттер, музыка ж-а көркөм драма коллежи (консерватория; 1949), китепканалар системасы (19 филиалды камтыйт), музейлер (а. и. улуттук), көркөм иск-во борбору (1999) ж. б. бар. Жыл сайын ачык асман алдында маданий фестивалдар өткөрүлүп турат. Туризмдин ири борборлорунун бири (жылына 11 млндон ашык турист келет).

КАРЕЛДЕР (өздөрүн карьялайзет деп аташат) – Карелиянын жерг. калкы. Россиянын Тверь, Ленинград, Мурман, Архангел, Москва, Кемеров ж. б. обл-нда, о. эле Украина, Беларуссия, Эстонияда да жашашат. Жалпы саны 93, 3 миң киши, а. и. 65,7 миңи Карелияда (2002). Карел ж-а финн тилинде сүйлөшөт. Динге ишенгендери – православие динин тутушат. К. Түш. Карелия ж-а Түш. Чыгыш Финляндиянын жерг. урууларынын негизинде калыптанган. Б. з. 1-миң жылдыгынын аягында К-дин ата-бабалары – корела уруулары Ладога көлүнүн түн. ж-а түн. батыш жээктерине отурукташкан. 11–12-к-да Онега ж-а Ладога көлдөрүнүн ортосундагы аймактарга жер которуп, вепстер ж-а саамдардын бир бөлүгү м-н аралашкан. Коңшу жашап, тыгыз байланышкандыктан, К-дин мад-тынын өнүгүшүнө орус эли таасир эткен. К. ж-догү алгачкы жазуу эстелиги 1143-жылга таандык, 12–15-к-да орус мамлекетинин курамында карель эли пайда болгон. К. дыйканчылык, мал чарбачылык, балык кармоочулук м-н кесиптенишет. Салттуу кийим-кечесинде орус үлгүсүндөгү кийим басымдуулук кылат. К-дин тамак-ашы – негизинен балык, эт, дан азыктары. Суусундук катары чай, кофе, квас кеңири колдонулат.



КАРЕ́ЛИЯ, Карел Республикасы Россиянын Европа жак бөлүгүнүн түн.-батышында жайгашкан. Түн.-чыгышын Ак деңиз, түштүгүн Ладога ж-а Онега көлдөрү чулгайт. Батышынан Финляндия м-н чектешет. Аянты 180,5 миң *км*². Калкы 693,2 миң (2008). Адм.-айм. жактан 15 адм. районго, 13 шаарга, 11 шаарчага бөлүнөт. Борбору – Петрозаводск ш.

Түн.-Батыш федерация округуна кирет. Мамл. башкаруу бийлигинин органдар системасы 1978-ж. кабыл алынган конституция тарабынан аныкталат.

К-нын аймагынын басымдуу бөлүгү Фенноскандиянын чыгышында, Балтика калканынын чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Табияты көп жеринде калктын жашоосу үчүн орточо, түштүгүндө жагымдуу. Экол. абалы калк аз отурукташкан түн.-чыгыш бөлүгүндө салыштырмалуу канааттандырарлык, өө. ж-луу борборунда курч



Валаам архипелагы.

мүнөздө. Жери дөңсөө-мореналуу келип, байыркы муз каптоонун издери даана байкалат. Балтика ж-а Ак деңиздердин таасиринен абасы нымдуу келип, саздар көп кездешет. Батышын ж-а түн.-батышын Маанселькя кырка тоосу (бийикт. 578 *мге* чейин) ээлейт. Дарыялары (27 минден ашык; ирилери: Кемь, Выг ж. б.) Балтика ж-а Ак деңиздердин алаптарына кирет. Респ-да 60 минден ашык көл (аймагынын 18%и) бар. Ирилери: Ладога, Онега. Климаты деңизден континенттикке өтмө. Кышы узак, бирок салыштырмалуу жумшак. Январдын орт. темп-расы –9... –14°С, жайы кыска ж-а салкын, темп-расы тез төмондөп, ношорлогон жамгырлар жаайт. Июлдуку 14–16°С. Жылдык жаанчачыны 450 *ммден* 700 *ммге* чейин. Ийне жалбыректуу ж-а аралаш токой аймагынын $^1/_2$ бөлүгүндө, көптөгөн дарыя, көлдөрү ж-а суу сактагычтары респ-нын аймагынын 23 %ин ээлейт. Кандалакша, Кивач ж-а Костомукша коруктары уюштурулган. Кен байлыктарынан темир, титан, ванадий, молибден, слюда, алмаз, курулуш материалдары казылып алынат. О. эле шунгит кенинин запасы табылган.

Калкынын негизин орустар (71,3%) түзөт, о. эле карелдер (11%), беларустар, финндер ж. б. улут окулдорү жашайт. Орт. жыштыгы 1 *км*² жерге 4,4 киши. Динге ишенгендердин көпчүлүгү православныйлар, протестанттар да бар. Шаар калкы 75%. Ири шаарлары: Кондопога, Сегежа, Костомукша.

К-ныи аймагы 9–12-к-дын башында Киев Русуна, 12-к-дан Новгород респ-на карап, 1478-ж. Орус мамлекетине кошулган. 1721-ж. аймагынын бир бөлүгүн (Карел мойногу, Түн. Ладога бою) шведдер басып алган. Кийинчерээк Россияга кайтарылган. 1920-ж. РСФСРдин курамында Карел эмгек коммунасы, 1923-ж. июлда Карел АССРи (1940-жылдын 31-мартынан 1956-жылдын 16-июлуна чейин СССРдин курамында Карел-Финн ССРи). 1991-жылдын ноябрынан Карел Республикасы.

К. Россияда онүккон токой ө. ж. комплекси (кагаздын 20%; кагаз каптардын 60%, 1-орунда; иштетилүүчү жыгачтын 6% ж-а целлюлозанын 7,3%, 5-орунда; тактай материалдардын 3,9%, 7-орунда; картондун 2,6%, 9-орунда), темир кенин казып алуу (10%) ж-а трактор өндүрүшү м-н 4-5%ке жакын, токой даярдоочу) айырмаланат. Аймактын дүң продукциясынын көлөмү 34041 млн рубль. Андагы ө. ж-дын үлүшү 41,4%, а. ыкы 2,6%. Ө. ж-дын башкы тармактары: кой (ө. ж. түзүмүндөгү үлүшү 45,2%), кара галлургия (12,8%), тамак-аш (12,3%), элек энергетика (14,1%), машина куруу (5,4%), түс үү металлургия (5%; алюминий өндүрүшү). А. га жарактуу жери 124,3 миң *га* (жер фондусунун 1%тен азы), анын 50%и айдоо. Тоют өсүмдүктөрү, картошко, жашылча айдалат. Сүт багытындагы мал чарбачылыгы онүккон. Үй куштары багылат. Териси баалуу айбанаттар асыралат. Балык кармалат. Автомобиль жолунун уз. 7873,8 *км* (анын 6673,8 *км*и асфальтталган), суу жолунуку 3500 *км*. Онега, Ладога көлдөрүндө, Беломор-Балтика каналында ж-а Ак деңизде кеме жүрөт. Ири порттору: Петрозаводск, Медвежьегорск, Кондопога, Сегежа, Беломорск. К-да Марс суусу (алгачкы орус курорту; 1719-жылдан) ж-а Сортавала курорттору бар. Жалпы билим берүүчү 290, кесиптик башталгыч (20) ж-а орто (17) билим берүүчү окуу жайлары, 14 мамл. ЖОЖ (филиалдары м-н), ил. борбор иштейт. Беш театр (а. и. муз., куурчак), филармония, 20дай музей (а. и. мамл. корком иск-во, край таануу ж. б.), 4 китепкана бар. «Кижи» мамл. тарыхый-арх-ралык ж-а этногр. музей-коругу *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген.

Ад.: Карелия//Большая Российская Энциклопедия, спец. том. Россия. М., 2004; Карелия//Большая Российская энциклопедия, Т. 12. М., 2009.

Т. М. Чодураев.

КАРЕ́Л ТИЛИ – *карелдердин* тили. Финн-угор тилдеринин Балтика боюндагы финн топчосуна кирет. Үч диалектиге (карел, ливвик же олонец ж-а людик) бөлүнөт. Карел диалектиси финн тилине жакын. К. т-ндеги байыркы жазма эстеликтер 13-к-га таандык. Адабий эстеликтеринин көрүнүктүүлөрү 19-к-да жазылган. К. т-ндеги «*Калевала*» эпосу дүйнө жүзүнө белгилүү. Жазуусу латын алфавитинин негизинде иштелип чыккан. 20-к-дын ортосунан орус ж-а финн графикасын колдонушат.

КАРЕ́Л МОЙНОГУ Балтика деңизинин Финн булуңу м-н Ладога көлүнүн аралыгындагы кургактыктын кууш тилкеси. Бийикт. 50 *мге* чейин, эң бийик жери 205 *м* (Лембола дөңсөөсү). Түн. жагы гранит, гнейс тоо тектеринен, борб. бөлүгү ж-а түштүгү моңгүнүн шиленди тектеринен турат. Моңгүнүн аракетинен пайда болгон жалчалуу рельеф басымдуу. Вуокса д. кесип өтөт; көлдөрү көп. Ийне жалбыректуу токой (карагай, кызыл карагай), Линдула мырза карагай токою (1738-ж. кеме курууга пайдаланууу үчүн отургузулган). Мойнокто Выборг, Приозёрск, Всеволожск ш., Финн булунунун жээгинде Сестрорецк, Зеленогорск ж. б. курорттук шаарлар орун алган. К. м-нун көп жери В. И. Лениндин турмушу ж-а ишмердиги м-н байланыштуу. Мойнок 9-к-дын аягынан Русь аймагынын бир бөлүгү болгон. 17-к-дын башталышында Швеция тартып алган. 1721-ж. Россияга өткөн. 1918–40-ж. басымдуу бөлүгү Финляндияга караган. 1940-жылдан Россия Федерациясына таандык. Жөө жүрүү, лыжа ж-а суу туризми өнүккөн.

КАРЕНДЕР (өздөрүн пгханьо деп аташат) – Мьянманын түштүгү м-н түш.-чыгышында ж-а Таиланддын түн.-батышында жашаган элдердин тобу. Жалпы саны 5тен 7 млнго чейин (2002). К-де уруулук бөлүнүүлөр сакталган. Алардын негизгилери: сго, пво, бве, йао ж. б. уруулар. Диалектилери ж-а үрп-адаттары бири-бириникинен кескин айырмаланат. Карен тилдеринде сүйлөшөт. Динге ишенгендери негизинен – буддисттер, бир кыйласы христиандар (баптисттер), бир азы салттык динди тутат. К-дин ата-бабалары Чыгыш Тибеттен көчүп келип (б. з. 1-миң жылдыгынын ортосунан), Мьянма ж-а Таиланд аймактарына отурукташкан. Негизги кесиби – дыйканчылык (күрүч). Тоолук К. буйвол, бука, эчки асырашат. 20-к-дын ортосуна чейин патриархалдык үй-бүлөгө ылайыкталып, узун салынган үйлөрдө жашаган. Эркектер саронг, женсиз күрмө же кыска жеңдүү ак көйнөк кийип, башына шарф байланат. Аялдар юбка, женсиз кофта кийип, кооздуктарды тагынышат. Денелерине татуировка коюшат. Индикытай элдеринен айырмаланып, тибеттиктер сыяктуу эчкинин сүтүн ичишет. К-дин улуттук фольклору, музыкасы, ыр, бийлери бар.

КАРИАТИ́ДА (гр. karyatidas – бийкеч) – жасалга скульптурасында пилястра же колонна ордуна арх-лык деталь катары орнотулган аялдын статуясы. Адатта дубалга жабыштырылып



Афины Акрополундагы Эрехтейон храмындагы кариатидалар.

же андан обочо жасалат. К. антика арх-расында ж-а 17–19-к-дын европ. зодчийлигинде кеңири тараган.

КАРИБ ДЕҢИЗИ, К а р а и б д е ң и з и – Атлантика океанындагы жартылай туюк деңиз. Батышынан ж-а түштүгүнөн Борб. ж-а Түш. Америка, түн. ж-а чыгышынан Чоң ж-а Кичи Антил а. м-н чектешет. Юкатан кысыгы аркылуу Мексика булуңу, Кичи ж-а Чоң Антил



Кариб деңизиндеги Гренада аралынын жээги.

а-ндагы көптөгөн кысыктар аркылуу Атлантика океаны, Панама аркылуу Тынч океан м-н туташат. Аянты 2777 миң *км*², көлөмү 6745 *км*³. Эң терең жери 7090 *м* (Кайман кобулу). Жээктери тоо, ойдуңдуу; батышы ж-а Антил а. тарабы коралл рифтери м-н курчалган. Булуңдары: Гондурас, Дарьен, Венесуэла. Ири аралдары: Куба, Гаити, Ямайка, Пуэрто-Рико. Суунун темп-расы кышында 25°С, жайында 29°С. Туздуулугу 36‰. Суткасына 2 жолу ташкындайт (бийикт. 1 *м*ге чейин). Балык кармалат. Бермет чогултулат. К. д. – Панама аркылуу Атлантика океанынын түн. бөлүгүндөгү порторду Тынч океандын порттору м-н байланыштырган кыска деңиз жолу. Негизги порттору: Маракайбо, Ла-Гуайра (Венесуэла), Барранки-



Канкун шаарынын курорттук зонасы. Мексика.

лья ж-а Картахена (Колумбия), Лимон (Коста-Рика), Колон (Панама), Санто-Доминго (Доминика Респ.), Сантьяго-де-Куба (Куба). Деңиз жээктери – негизги рекреациялык зона, курорттору көп, пляждары жакшы.

Ад.: *Залогин Б. С., Косарев А. Н.* Моря. М., 1999.

КАРИБ КРИЗИСИ (1962) – эл аралык кризис, СССР м-н АКШ ортосундагы мамиленин өтө курчушунан улам ядролук согуш коркунучунун келип чыгышы. Куба рев-ясынын жеңиши (1959) өкмөттүн АКШга көз каранды болбогон саясаты, о. эле Куба СССР м-н тыгыз мамиле түзүшү АКШ м-н Кубанын ортосундагы мамилени курчуткан. АКШ 1959-жылдын [illegible]ынан эле Кубага саясий ж-а экон. кысым [illegible]есап, диверсанттарды жиберип, Кубанын ш[illegible]арын бомбалап, Түркия м-н Италияга ракета[illegible]ын жайгаштырган. 1961-ж. апрелде амер. [illegible]ерлер Плая-Хиронго кол салып, Кубанын к[illegible]дуу күчтөрүнөн талкаланган. Бирок АКШны[illegible]шкаруучулары Кубага кастыгын токтотпогон[illegible]он, Куба өкмөтү СССРден жардам сураган. 1962-ж. 24-майда КПСС БКнын Президиумунун чечими м-н СССР Куба рев-ясын коргоо үчүн АКШга жоон катары Куба аймагына ракеталарын жайгаштыра баштаган. Эки мамлекеттин тирешүүсү согуш коркунучун туудуруп, К. к-не алып келген. К. к-н саясий ж-а дипл. жолдор м-н жонго салууну БУУнун Коопсуздук к-тинин мүчөлөрү сунуштаган. 1962-ж. октябрь–ноябрь айларында Куба өкүлдөрү ж-а БУУнун Генералдык секретары катышкан АКШ ж-а СССРдин ортосунда сүйлөшүүлөрдө кризисти жонго салуу маселеси каралып, АКШ өкмөтү Кубага каршы экон. кысымдарды токтотуп, кол салбоого убада берген. Натыйжада, СССР Кубадан, АКШ Түркиядан өз ракеталарын ж-а аскер техникаларын чыгарган. 1963-ж. 7-январда эки тараптык сүйлөшүүлөрдөн кийин СССРдин тышкы иштер министринин 1-орун басары – В. В. Кузнецов ж-а АКШнын өкүлү Э. Стивенсон К. к. толугу м-н жонго салынгандыгы ж-дө БУУнун секретары У. Танга билдиришкен.

КА́РИЕС (лат. caries – чирүү), т и ш т и н ч и р и ш и – сөөк же тиш ткандарынын бузулушу. К. сөөктү же сөөк челин чирүүгө дуушар кылуучу дистрофиялык же инфекциялык процесстерден пайда болот да, көбүнчө тиште учурайт. Тиштин катуу ткандары (эмаль, дентин, цемент) бузулуп, көңдөй пайда болот. К. негизинен тиштин, ооз көңдөйүн таза сактабаганда, тиш арасына тамак-аш калдыктары тыгылып калган жерде да пайда болот. Ооздо тамак-аштын ажыроосунан пайда болгон к-талар тиштин минералдык бөлүгүн эритет, аны андан ары микробдор бузат. К. тиштин эмалы кетилүү м-н башталат да, андан дентинге өтөт. Бара-бара процесс күчөп, К. көңдөйү улам терендеп, тиш пульпасына жетип, оору пайда болот. Тиш эмалы жалтырабай, тунук болбой, бодурала болуп калат. Тиш таттуу, кычкыл, туздуу, ысык ж-а муздак тамак ичкенде ооруйт. Тиш К-и көбүнчө өнөкөт оору. Катуу кармаганы жаш балада жолугуп, ички секрециясынын бузулушуна байланыштуу. К. болгон тишке өз убагында пломба коюу керек. Тиштин К-ке туруктуулугун жогорулатуу үчүн керектүү туздар (айрыкча Са, Р туздары), Д витамини жетиштүү болууга тийиш.

КАРИКАТУ́РА (итал. caricatura, caricare – апыртуу дегенден) – адамдардын же турмуштук көрүнүштөрдүн терс жактарын ашкерелөө максатында *шарж* м-н *гротескти* пайдалануу; көркөм типтештирүү ыкмасы. К. – кең мааниде адам сымбатын, өңүн, кийимин апыртып, түр[illegible]өрселерге окшоштуруу м-н күлкү келтирүү [illegible] атайын тартылган сүрөт. К. – тар мааниде [illegible] өнөрүнүн (айрыкча графиканын) бөтөнчө [illegible] сын багыты айкын болгон сүрөт сати[illegible]ын негизги формасы. К. ыкмалары иск[illegible]түрдүү жанрларында (мис., *плакатта,*



Сүрөтчү М. Сыдыкбаев тарткан карикатура.

гезит же журнал *графикасында*) пайдаланылат. Жанрдын жаралышы Германиядагы Дыйкандар согушу (1524–26) м-н байланыштуу. 18-к-да англис У. Хогарт К-нын ырааттуу өнүгүшүнө негиз түзгөн. Кырг-нда А. Турумбеков, М. Памилов, У. Осмоев сыяктуу карикатуристтер бар.

КАРИМОВ Жумалы (1892, Нарын обл., Кочкор р-ну, Мантыш кыш. – 1950, ошол эле жер) – малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1946-жылдан Нарын обл-нун Кочкор р-нундагы «Коммунизм» совхозунун жылкы ферма башчысы болуп иштеген. 1947-ж. ал башкарган ферма 72 бээден 72 кулун алган. Ленин ордени м-н сыйланган.



КАРИМОВ Абдукадыр (18. 03. 1955-ж. т., Ош обл., Кара-Суу р-ну, Отуз-Адыр айылы) – инженер-механик, техника илимд. доктору (2003), проф. (2006), 1978-ж. ФПИни бүтүргөн. Ошол эле жерде инженер, окутуучу, доцент, кафедра башчысы (1978–93), ЖАМУда доцент, проф., кафедра башчысы, сырттан окуу бөлүмүнүн проректору, окуу-методикалык башкармалыгынын директору (1993–2003), ОшТУда проф., мониторинг жана сапат департаментинин директору, декан (2003–05), 2005-жылдан ЖАМУда ил. иштер б-ча проректор, үзгүлтүксүз билим берүү ин-тунун директору. Машиналардын ж-а механизмдердин теориясы б-ча адис. 100дөн ашык ил. эмгектин, а. и. 1 монография, 12 окуу куралынын автору.

Эмг.: Безмуфтовые электромеханические прессы с механизмами переменной структуры. Б., 2001; Прикладная механика (курсовое проектирование). Ош, 2005; Теория механизмов машин (учебное пособие). Ош, 2004; Электромеханика (учебное пособие). Жалал-Абад, 2007.

КАРИМОВ Иманжан (1906, Ош обл., Кара-Суу р-ну, Нариман кыш. – 1978, ошол эле жер) – пахтакер, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы Ленин атн. колхоздо звено башчысы болуп иштеген. 1947-ж. анын звеносу 3 *га* аянттагы пахтанын ар гектарынан 86 цден түшүм жыйнап алган. 1955–59-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Ленин ордени м-н сыйланган.



КАРИМОВ Ислам Абдуганиевич (30. 1. 1938-ж. т., Өзбекстан, Самарканд ш.) – Өзбекстан мамл. ж-а саясий ишмери; Өзбекстан президенти, Өзбекстан ИА академиги (1994), Өзбекстан Эл баатыры (1994). О. Азия политехника ин-тун (1960), Ташкент а. ч. ин-тун (1967) бүткөн. 1960–61-ж. «Ташкент айыл чарба машиналары» з-дунда мастердин жардамчысы, улук мастер, технолог, 1961–66-ж. Чкалов атн. Ташкент авиация өндүрүштүк бирикмесинде инженер, жетектөөчү инженер, конструктор, 1966–83-ж. Өзбекстан Мамл. пландоо к-тинин башкы адиси, бөлүм башчысы, төраганын 1-орун басары, 1983–86-ж. Өзбекстан финансы министри, 1986-ж. Министрлер Советинин төрагасынын орун басары, Мамл. пландоо к-тинин төрагасы. 1986–89-ж. Өзбекстан КП Кашка-Дарыя обкомунун 1-секретары, 1989–91-ж. Өзбекстан КП БКнын 1-секретары, 1990-жылдан Өзбекстан Президенти ж-а Министрлер кабинетинин төрагасы. 1995-ж. 25-мартта Бүткүл элдик референдумдун чечими м-н К-дун президенттик ыйгарым укугу 2000-ж. чейин узартылган. 2000-, 2007-ж. Бүткүл элдик шайлоодо К. Өзбекстан Респ-нын Президенти болуп кайрадан шайланган. 2002-ж. референдумдун негизинде президенттик ыйгарым укук 5 жылдан 7 ж. чейин узартылган. Эмгек Кызыл Туу, Эл достугу, Амир Темир ордендери м-н сыйланган.



КАРИМОВ Казимир Абдулович (10. 3. 1937-ж. т. Казакстан, Чымкент ш.) – физик, физика-математика илимд. доктору (1988), проф. (1988), Нью-Йорк ИАнын академиги (1994). КМУнун физика ф-тин бүткөн (1960). Кыргыз ССР ИАнын Физика ж-а математика ин-тунда кенже ил. кыз-

маткер (1962–69), ил. кызматкер (1969–70), метеорлорду изилдөөчү топтун жетекчиси (1971–76), КР УИАнын Физика ин-тунда атм. процесстери лабор-нын башчысы (1976–98), 1998-жылдан радиофизика лабор-сынын атм. процесстери тобунун жетекчиси, ил. кызматкер. Геофизика ж-а жогорку атм-нын процесстерин изилдөө б-ча адис. 500дөн ашык ил. эмгеги, а. и. 10 монографиясы жарык көргөн.

Эмг.: Динамика воздушных течений в нижней термосфере и её связь с процессами в тропостратосфере. Ф., 1976; Экология Кыргызстана: проблемы, прогнозы, реконструкции. Б., 2000.

КАРИМОВ Саит [1896, Ош (азыркы Жалал-Абад) обл., Сузак р-ну, Алмалуу-Булак айылы – 1988, ошол эле жер] – малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1949). Эмгек жолун 1932-ж. Ош обл-нун Сузак р-нундагы «Алмалуу-Булак» колхозунда колхозчу болуп иштөөдөн баштап, 1947-жылдан жылкычы богон. 1948-ж. 58 бээден 58 кулун алып, аман асыраган. Ленин ордени м-н сыйланган.



КАРИМОВ Салы (15. 4.1935-ж. т., Ош обл., Ноокат р-ну, Кыргыз-Ата айылы) – математик, физика-математика илимд. доктору (1984), проф. (1988). ОМПИнин физика-математика ф-тин бүтүргөн (1960). 1977-жылдан бери Матем. анализ кафедрасынын башчысы. Дифференциалдык теңдемелер б-ча адис. 80ден ашык ил. эмгеги, а. и. 4 окуу куралы жарык көргөн.

Эмг.: Элементардык функциялар. Б., 1971; Асимптотическое поведение решений одной системы дифференциальных уравнений с малым параметром при производных. Ф., 1975. Асимптотика решений некоторых классов дифференциальных уравнений с малым параметром при производных в случае смены устойчивости точки покоя в плоскости «быстрых движений». Минск, 1982.

КАРИМОВА Бурул Каримовна (1939-ж. т., Ош. обл., Алай р-ну, Будалык айылы) – биология илимд. доктору (1997), проф. (1998), КРдин билим берүүсүнө эмг. сиң. ишмер (1997). ОшПИни (1962), Өзбек ССР ИАнын (Ташкент ш.) Ботаника ж-а микробиология интунун аспирантурасын бүтүргөн (1973). ОшМУда окутуучу, доцент, кафедра башчысы болуп иштеген. 2000-жылдан ОшМУнун кадрларды кайра даярдоо ин-тунун директору, Ош технология ун-тинде кафедра башчысы, 2003-жылдан декан. Ботаника ж-а экология б-ча адис. 100дөн ашык ил. эмгеги, а. и. 3 монографиясы, 5 окуу к[illegible]би бар.

Эмг.: К вопросу об охране [illegible]ких и исчезающих видов Южной Киргизии. [illegible], 1983; Төмөнкү өсүмдүктөрдүн систематикасы [illegible] бөлүк. Ош, 1990, 1994; Поясное распределение [illegible]рослей по водоёмам юга Кыргызстана. Б., 1996; А[illegible]флора водоемов юга Кыргызстана. Б., 2002.

КАРКА́С (фр. carcasse – скелет), с ы н ч – кандайдыр бир буюмдун, имараттын же курулманын айрым-айрым элементтерди өз-ара бириктирип куралган сөлөкөтү. К. даярдалуучу материалдын бышыктыгына ж-а туруктуулугуна жараша, ар кандай өлчөмдөгү, бийиктиктеги имараттар ж-а курулмалар салынат. Ошого жараша К. жыгач, металл, темир-бетон ж. б. бышык материалдардан жасалат. Жыгач материалдан (устун) жасалган К. анча чоң эмес бийиктиктеги имараттарды курууда колдонулат ж-а сыртынан кыш же такта (плита) капталат. Ал эми көп кабаттуу имараттарды курууда, чогултулуучу темир-бетондуу К.-панелдүү констрлар кеңири колдонулат. Алар атайын з-ддордо чоң такта-панель түрүндө даярдалып, пайдубалга бекитилет. О. эле темир арматурадан ширетилип, цемент аралашмалары толтурулуп тургузулган К. курулуш тармагында кеңири колдонулууда.

КАРКАСО́Н, К а р к а с с о н н – Франциядагы шаар. Лангедок-Руссильон регионунда, Од департаментинин адм. борбору. Түш. каналынын ж-а Од д-нын боюнда жайгашкан. Калкы 50 миң (2008). Болжол м-н б. з. ч. 1-к. римдиктер тарабынан негизделген. Б. з. 300-ж. ченде шаар айланта дубал м-н (эски бөлүгү 2 сыйра; 52 мунарасы бар) курчалган. Бул дубалдардын алгачкы көрүнүшү ушул күнгө чейин сакталгандыктан *Бүткүл дүйнөлүк мурас*тын тизмесине киргизилген. Роман-готика стилиндеги соборлор, чиркөөлөр, капелла, о. кылымга таандык оорукана сакталган. Музейлер (а. и. асем иск-во, сүрөт) бар. Шарап ачытылат. Текстиль, бут кийим өндүрүшү иштейт.

Шаардын эски бөлүгүнүн жалпы көрүнүшү.



КАР КАТМАРЫ – кардын жаашынан пайда [illegible]уп, жер бетинде жаткан кар кыртышы. К. к. [illegible]акты катуу сууктан, күздүк эгинди үшүктөн [illegible]т. Ал климатка, рельефке, гидрол. ж-а [illegible] пайда кылуу процесстерине, өсүмдүктөр м-н [illegible]ыбарлардын жашоосуна зор таасирин тийги[illegible]. Жыл сайын жер бетинин 115тен 126 млн к[illegible]ге чейинки аянтын каптайт (бул аянттын [illegible]не жакыны), деңиздик муздарга туура кел[illegible]Күн радиациясын өтө көп чагылдырат. [illegible] аймагына түшкөн кар катмарынын орт. калыңдыгы 10–30 *см*. Теңир-Тоонун бийик тоолуу өрөөндөрүндө кар бирдей жаабайт. Мис., Кара-Кужур өрөөнүндө кардын эң жогорку орт. калыңдыгы 9 *см*, максимуму 27 *см*, Ак-Шыйрак, Каракол өрөөндөрүндө орт. 3 *см*, максимуму 14 *см*. Кар Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталына өтө калың (150 *см*ге чейин) түшөт. К. к. 1500 *м*ден жогору туруктуу болот.

КАРКОБАТОВ Хасан Жолдубаевич (17. 9. 1940-ж. т., Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Ырдык айылы) – биология илимд. доктору (2003). КМФИни бүтүргөн (1964). Каракол ш-ндагы спорт мектебинде мугалим (1964–67). 1967-жылдан Түп р-нундагы Ильич орто мектебинде, Түп айылындагы спорт мектебинде машыктыргыч болуп иштеген. 1976-жылдан бийик тоо ИИИде морфол. адаптация лабор-сында улук ил. кызматкер болуп эмгектенет. Физиология б-ча адис. Ил. эмгектери бийик тоодогу гипоксия м-н катуу кара күч жумшалган жердеги гипоксияга жүрөктүн ж-а коронардык кан тамырлардын айкалышкан көнүгүүнүн механизмдеринин сырын ачууга багытталган. Бийик тоодо жүрөктүн адаптация механизмин ж-а булчуң ишин изилдеген. 90дон ашык ил. эмгеги, а. и. 1 монографиясы, 2 рационализатордук сунушу бар.

Эмг.: Высокогорная кардиоангиология. Б., 2002.

КАРКО́ЦКИЙ Григорий Григорьевич [13. 6 (31. 5). 1917, Чита ш. – 14. 5. 1988, Фрунзе] – драма артисти, Кыргыз ССР эл арт. (1967). Свердлов мамл. консерваториясын бүткөндөн (1945) Фрунзедеги Н. К. Крупская атн. Орус драма театрында (азыркы Ч. Айтматов атн. Улуттук орус драма театры) иштеген. Театрда иштеген 30 жыл ичинде 130дан ашык роль аткарган. Негизгилери: Митя (А. Островский, «Кедейлик кемтик эмес», 1947), Курочкин (Н. Дьяков, «Септүү той», 1950), Адыл (К. Эшмамбетов, «Саринжи», 1958), Рыбаков (Н. Погодин, «Кремль куранттары», 1956), Нурдин (Т. Абдумомунов, «Абийир кечирбейт», 1962) ж. б. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.



КАР КӨЧКҮ— тоонун тик капталдарынан жылмышып ылдый кулаган кар массасы. Кар көп жыйналып, оордугу артышынан, темп-ранын өзгөрүшүнөн, жаан-чачындан, шамалдан ж. б. сырткы күчтөрдүн таасиринен пайда болот. Көчкүнүн жүрүшүнүн ылдамдыгы орто эсеп м-н 20–30 *м/с*. Көчкү жолундагыларды (таш, кум, өсүмдүктөр ж. б.) бүт «шыпырып» кетет.

КАР КРИСТАЛЛДАРЫ – булуттар м-н туманда пайда болуп, алардан түшкөн муз кристаллдары. К. к-нын эки негизги формасы болот: жалпак ж-а түркүк. Биринчисине – 6 бурчтуу жалпак пластинкалар ж-а 3, 6, 12 шоолалуу жылдыздар, экинчисине – 6 грандуу түркүктөр ж-а ийнелер, о. эле түркүктөр комплекси («кирпи») кирет. Көбүнчө К. к-нын туура эмес формада түшүшү байкалат. Физ. шарттын пайда болушуна ж-а өсүшүнө (баарынан мурда абанын темп-расы м-н нымдуулугуна) көз каранды, ошондуктан көлөмү м-н формасы ар түрдүү болот. Темп-ранын өсүшү м-н К. к-нын көлөмү ж-а пластинкалуу форманын бөлүкчөлөрү чоңоёт. Көбүнчө жылдыз ж-а кирпи түрүндө учурайт. Ийне шоолалуу жылдыздардын туурасы 6–8 *мм*, пластинка шоолалуу жылдыздар 4–5 *мм*, кирпилер 2–3 *мм*, пластинкалар 1–2 *мм*; түркүктүн уз. 1–2 *мм*, ийнелүүлөрдүкү 3–5 *мм*. Булуттан түшкөн ири К. к. кар бүртүгү деп аталат. К. к. суу буусунун сублимациясынын натыйжасында муздап калган булуттар м-н тумандан же кристаллдык чаңдан пайда болот. Майда булуттуу кристаллдарда жөнөкөй пластинкалар ж-а түркүктөр болот. Кристаллдын өлчөмү 0,1–0,2 *мм*ден ашканда формасы татаалданат. Катуу шамал болгондо К. к. 0,1 *мм* ж-а андан да майда бөлүнүп кетет. Булуттан муздаган суу тамчыларынын түшүшүнөн кар күкүмү пайда болот.

КАРКЫРА – Кырг-н м-н Казакстандын аймагы аркылуу аккан суу, Кеген суусунун сол куймасы. Тескей Ала-Тоонун капталынан башталып, түндүктү карай агат. Уз. 69 *км*, алабынын аянты 1790 *км*². Жогорку бөлүгү Кырг-ндын аймагында кууш өрөөн аркылуу агып өтөт. Ортоңку бөлүгү – Кырг-н м-н Казакстандын чек арасы; төмөнкү бөлүгү түзөң, саздуу келет. Негизги куймалары: Көк-Жар, Турук, Чоң Жылаңач, Кур-Каркыра, Кичи Жылаңач, Ак-Каркыра, Жел-Каркыра ж. б. 140тан ашык майда куймасы, жалпы аянты 0,47 *км*² келген 22 көлү бар. Жылдык орт. чыгымы 15,0 *м*³/*сек*. Эң көбү 107 *м*³/*сек*, эң азы 2,87 *м*³/*сек*. Апрелде кире баштап, октябрь–ноябрда тартылат. Сугатка пайдаланылат.

КАРКЫРА ЖАРМАҢКЕСИ – 19-к-дын 2-жарымы – 20-к-дын башындагы Жаркент ж-а Пржевальск (азыркы Ысык-Көл обл.) уезддерине тийиштүү Каркыра жайлоосундагы Каркыра өзөнүнүн боюнда (азыркы Алматы обл. Кеген ооданы) июнь, июль, август айларында өткөрүлчү соода-сатык. Бул жерге орус өкмөтү тарабынан атайын үйлөр тургузулган. Жарманкесин Кытай, Россия ж-а Борб. Азиянын (өзбек, тажик, түркмөн, казак, кыргыз) соодагерлери товарларын, Кеген, Каркыра, Ийри-Суу, Кең-Суу аймактарын жайлаган элдер малын сатып, азык-түлүк, кийим-кечек ж. б. алышкан.

КАРКЫРА КӨТӨРҮЛҮШҮ – 1916-ж. *Жети-Суу облусундагы* улуттук боштондук кыймылдын (к. *Уркун*) очогу. Кээ бир маалыматтарда «Албан Бугу» көтөрүлүшү деп да аталган. 1-дүйнөлүк согушка байланыштуу жерг. элден аскердик-оорук иштерине алуу үчүн 1916-ж. 25-июнда чыккан падышанын буйругуна ылайык 6-июль күнү «Нарынкол–Чарын» приставынын начальниги Подворков 13 болуштун билермандарын жыйнап, аны аткарууну талап кылган. Жыйылган эл акылдашып, 3–4 күндөн кийин жооп берүүгө макул болушкан. Алар 10-июлда Каркыранын Каман-Карагай деген жерине жыйын өткөрүп, адамдарын оорук иштерине бербейбиз деген чечимге келишкен. Бул кабар жеткенден кийин Подворков казак-орус отрядын баштап келип, жыйынга катышкандардын баарын туткунга алып, Каракол түрмөсүнө камаган. Жыйын башчысы Жамаке Мамбет уулуна уу берип өлтүрүлүп, калганы Каракол уездинин башчысы полковник Ивановдун буйругу м-н 8-августа атууга буйрулган. Натыйжада, Каркыра жайлоосунда көтөрүлүш башталган. 11-августта көтөрүлүшчүлөр Жыланач станциясын талкалап, *Келгиндер башкармалыгынын* бир нече кызматкери өлтүрүлгөн. 16-августта *Каркыра жарманкесин* басып алышкан. Сентябрда көтөрүлүш Верный, Жаркент, Лепси, Каракол уездерине тараган. К. к. падыша өкмөтү тарабынан түзүлгөн жазалоо отрядынын жардамы м-н сентябрдын аягы – октябрдын башында аёосуз басылган. Жазалоочу отряд көтөрүлүшкө катышкандарды куугунтуктап, Кайкы ашуусунда кырган. Архивдик маалыматтар б-ча кыргыз-казактардын жүзгө жакын айылдары талкаланып, 373 үй орттолсо, 684 адам жарадар болуп, 1905 адам окко учкан. 1105 киши туткунга түшүп, дайынсыз жоголгон. Көтөрүлүшкө чейин Жети-Суу обл-нда 84 854 түтүн эл жашаса (Пишпектен башка 5 уездде), көтөрүлүштөн кийин бул жерде 53 миң гана түтүн калган. Падыша өкмөтү 171 адамынан ажыраган.

Ад.: *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. Т. 2. Б., 1993; *Усенбаев К.* 1916: Героические и трагические страницы. Б., 1997; *Махаева А.* Казак-кыргыз саяси байланыштарынын тарихы (XVIII к. экинчи жарымы – XX к. басы). А., 2007.

Э. Турганбаев.

КАРКЫРАЛАР (Gruidae), турналар – каркыра сымалдар түркүмүнүн турналар тукуму. Уз. 79–152 *см*. Моюну, шыйрагы узун, жүнсүз, куйругу кыска, эркек, ургаачысы бирдей түстө. Манжалары кыска, жарганат м-н бириккен, арткы бармагы башкаларынан жогору жайгашкан. Учканда мойну м-н буттарын созуп, кунастарга окшош учат, алардан айырмаланып, даракка конбойт. Канаты түз. мезгилде уча албайт. 5 уруусу, 14 түрү бар. ТШ өлкөлөрүндө



7 түрү ири дарыялардын таштак талааларында жолугат. Шыбак, бетеге, кодоо басымдуулук кылган жерди мекендейт. Жайында шалбаа, чабынды, күздүк буудай эгилген жерде жолугат. Кырг-нда май айында уялап, чанда 3, көбүнчө 2 жумуртка туурт. Көбүнчө өсүмдүктүн жаш бутагы, жалбырагы, уругу ж-а курт-кумурскалар м-н азыктанат. Саны азайгандыктан, 1975-ж. коргоого алынып, Кырг-ндын Кызыл китебине катталган.

КАРКЫРА ӨРӨӨНҮ Ысык-Көлдүн чыгышында. Түндүгүнөн Кетмен ж-а Кеген тоолору, түштүгүнөн Тескей Ала-Тоонун тармагы м-н чектелет. Аянты 400 *км*²ге жакын. Уз. 80 *км*дей, туурасы 35 *км* (жазы жери). Деңиз денг. 1800–2750 *м* бийикте. Рельефи б-ча 5 аймакка бөлүнөт: 1) Күнгөй Ала-Тоонун жапыздаган чыгыш тарабы; 2) Тескей Ала-Тоонун каптал өрөөндөрү көп түн. бети; 3) коо-колоттуу, Кетмен тоосунун каксоо адырлуу түш. капталы; 4) Чаар-Кудук м-н Кегендин чаптуу, жарым чөлдүү адырлары; 5) Каркыра түздүгү – региондун негизин түзөт. Тоолору палеозойдун акиташ тегинен, кумдуктан ж-а граниттен, адырлары палеоген м-н неогендин кызыл чопо ж-а кум шагылдуу борпоң тектеринин, түздүгү аллювий чөкмөлөрүнөн турат. Генезистик тиби б-ча синклинорий-грабен, структурасы Түн. Тенир-Тоонун Ысык-Көл зонасы м-н байланыштуу. Климаты континенттик, жайы жылуу (15–16°С); январдын орт. темп-расы –10...–12°С. Жылдык жаан-чачыны 300–450 *мм*. Шамал кышкысын батыш, жайкысын көбүнчө чыгыш тарапка согот. Суулары: Каркыра, Кеген ж-а Текес. Өтө шордуу



…ой Ала-Тоосунун тескей бетиндеги карагай токою.

…уз-Көл бар. Өрөөн күрөң ж-а кара топурактуу. Талаа тулаңы, тескей беттеринде шалбаа, карагай, адырларда кургак талаа өсүмдүктөрү басымдуу. Мал чарбасына ыңгайлуу; Кеген, Шакыды-Суу кыш. жайгашкан. Башкы автомобиль жолу Алматы м-н Нарын р-нун Кеген аркылуу байланыштырат. «Манас» эпосунда Көкөтөйдүн ашы өткөн жер катары айтылат.

КАРКЫРА СЫМАЛДАР (Gruiformes) – куштар түркүмү. Бул түркүмдүн 8 түркүмчөсү бар. Алар буту ж-а моюну узун ири канаттуулар. Чоңунун салм. 15 *кг*. КМШда эң кичинеси 2–3 *кг*га жетет. Жүнү катуу ж-а тыгыз, нык келет. Шыйрагынын ылдый жагында жүнү жок. Канаты кыска ж-а жазы, куйругу кыска. Тумшугу узун ж-а күчтүү. Буттары анча узун эмес, беш манжалуу. Алардын эркеги м-н ургаачысы абдан окшош, кээде ургаачысы эркегинен чоң болот. Дүйнөнүн бардык өлкөсүндө кеңири таралган. Алар негизинен түз жерде, сазда жашайт. Бардыгы моногамдуу куштар, жубу өмүр бою сакталат. Уясын жерге, айрымдары даракка салат. Балапандары тыбыт жүн м-н капталып, көзү ачык чыгат. Тыбыт жүнү кургагандан кийин эле уядан чыгып, энесинин артынан ээрчип жөнөйт. К. с. өсүмдүк, кээ бир түрү жандыктар м-н азыктанат. К. с-дын 13 тукуму, 88 уруусу, 214 түрү бар. КМШ өлкөлөрүндө 7 түрү кездешет. 1–2, чанда 3 жумуртка туурт. Жумурткасын көбүнчө ургаачысы басып чыгарат. Каркыралар – жөжө чыгаруучу куштар. ТКЭСтин Кызыл китебине 16 түрү катталган.

КАРКЫРА ТУЗ КЕНИ Ысык-Көл обл-нун Түп р-нунда, Каркыра суусунун сол жээгинде, Каракол ш-нан 90 *км* чыгыш, түн.-чыгышта, деңиз денг. 1800 *м* бийикте. Неоген мезгилинде пайда болгон туздуу катмарда, уз. 15 *км*, туурасы 2 *км*. Туздар 1,0–0,5 *м* терендикте жатат. Жыргалан ж-а Туз-Суу сууларынын боюндагы туздуу булактарга карап, терендикте галит тузунун калың кабаты бар деген тыянакка келүүгө болот. Туз кени начар изилденген. Болжолдуу ресурсу 30–40 млн *т*.

КАРЛ I Улуу (лат. Carolus Magnus) (2. 4. 742–28. 1. 814, Ахен) – Франк королу (768-жылдан), императору (800). Каролинг династиясы К. Інин ысмынан аталган. Көптөгөн жортуулдардын натыйжасында лангобарддар (773–774, 776–777), бавар герцогу Тассилон (788), сакстар (772–804), испаниялык арабдар (778–779, 796–810), аварлар (791–799), славяндар (789–806) м-н согушуп, зор империя түзгөн. 800-ж. Рим папасы Лев III К. Іге император таажысын кийгизген. К. I өз мамлекетинин чек араларын бекемдеп (маркаларды түзүү), империяда өз бийлигин борбордоштурган. К. I «мамлекеттик элчилер» аркылуу графтардын иштерин текшерип турган. Католик чиркөөсүнө таянып, чиркөө кызматкерлерине жогорку кызматтарды, кеңири укуктарды берген. Епископтордун дайындоолоруна кийлигишип, басып алган жерлердин элин зордоп



Карл I Улуу. Коло статуэтка. 9-к. Лувр. Париж.

христиан динине киргизген. Анын саясаты Батыш Европада феодалдык мамилелердин калыптанышына таасир тийгизген. К. Інин учурунда франк мамлекетинде мад-ттын кээ бир тармактары өнүккөн. К. Інин империясы 843-ж. кулаган.

КАРЛ МАРКС – Жалал-Абад обл-нун Тогуз-Торо р-нундагы кыштак. Атай атн. айыл округуна караштуу. Деңиз денг. 1580 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Казарман кыш-нан 27 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 437 *км*. Калкы 1000 (2008); негизинен мал м-н алектенип, аары чарбасында эмгектенет. Орто мектеп, ФАП бар.

КАРЛ МАРКС – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Кызыл-Кыштак айыл округуна караштуу. Деңиз денг. 970 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 26 *км* түш.-батыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 2 *км*. Калкы 2017 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана ж-а ФАП бар.

КАРЛ МАРКС АТЫНДАГЫ КОММУ́НА – Пишпек уездиндеги алгачкылардан болуп уюшулган коллективдүү чарбалардын бири. 1919-ж. март айында Темен-Суу кыш-нда түзүлгөн ж-а колхоз кыймылын өнүктүрүүнү таяныч пунктта-

рынын бири болгон, 1934-ж. ири чарбага айланган. 1992-ж. чарбага караштуу «Темен-Суу» АК түзүлгөн.

КАРЛСРУЭ – Германиянын түш.-батышындагы шаар. Баден-Бюртемберг жеринде (адм.-айм. бирдик). Франциянын чек арасына жакын, Рейн д-нан 7 *км* чыгышта жайгашкан. Калкы 287,3 мин (2008); калкынын саны ж-а экон. мааниси б-ча 3-орунда. Ири жол тоому. Дарыя порту (жылына 7,1 млн *т* жүк ташылат). К. порт комплекси 5 гаванды камтыйт. Аэропорту бар. Шаар 1715-ж. маркграф тарабынан негизделген. Чиркөөлөр, монета двору, сүрөт галереясы, ратуша, Кунстхалленин имараты, башкы почта ж. б. сакталган. К. – өлкөнүн маданий, ил. ж-а билимдин маанилүү борбору. ИИИлер, ун-ттер, инттар, мамл. жогорку муз. мектеп, сүрөт галереясы, театрлар, музейлер, архив ж. б. бар. Шаарда ири компаниялардын штаб-квартиралары, концерндер жайгашкан. Машина куруу (а. и.



Шаардагы ак сарай (1752–82).

станок, вагон, локомотив, автомобиль, оор машина, электр-тех., радио электроника, прибор ж. б.) ө. ж. өнүккөн. Аскер өндүрүшү (негизинен атылма куралдар, ок-дары), нефть ажыратуу [К. – Германиядагы эң маанилүү нефть иштетүүчү борбор; шаардагы «MiRO» ишканасы Европадагы эң ири ишкана (жылына 15 млн *т* нефть өндүрөт)], хим. (пластмасса, жасалма каучук, резина-тех. ж. б.), фармацевтика, косметика, целлюлоза-кагаз, тамак-аш, тамеки, полигр., эмерек, курулуш материалдар ө. ж. ишканалары иштейт. Эл аралык фестивалдар ж-а дүйнөлүк спорт оюндары, коргозмолор, жармаңкелер өткөрүлүп турат.

КАРЛУК МАМЛЕКЕТИ – 766-ж. *Түргөш каганды-гынын* кыйрашынан улам пайда болгон мамл. бирикме. Жети-Суу, Түн. Тянь-Шань аймагында түзүлүп, 940-ж. чейин жашаган. *Карлуктар* оболу Батыш Алтай, Кара Иртыш д-нан Балхаш колуно чейинки аймактарды мекендешип, 766-ж. *Тараз* м-н *Суяб* ш-н басып алышкан. Натыйжада Кашкар, Фергана, Жети-Сууну кучагына алган мамлекет түзүлгөн. Борбору башында Суяб болуп, кийин Иле боюна көчүрүлгөн. Мамлекет башчысы алгач *жабгу*, 840-жылдан кийин *каган* деп аталган. 8–10-к-да Балхаш м-н Ысык-Көлдүн, Иле м-н Талас өзөндөрүнүн бойлорун жердешкен. Тибеттектер м-н союз түзүп, О. Азиядагы согду жерлерин түрк урууларын колдоп, араб баскынчыларына каршы күрөшүшкөн. 861-ж. Кашкарды басып алышкан. 904-ж. К. м-нин аскери *Мавараннахрга* жортуул жасап, жеңилип калган. Кийин *Саманид мамлекетинин* түзүлүшү м-н К. м-нин жашоосу токтогон.

Ад.: История Ат-Табари. Таш., 1[illegible]; *Бартольд В. В.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1996; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 1. Б., 2000; *Сыздыков К. М.* Карлык мамлекетинин тарыхы. А., 2000; Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана/ Сост. Жуманалиев Т. Т. 1. Б., 2007.

КАРЛУКТАР – байыркы түрк урууларынын бири. «Карлук будун» (карлук эли) же «үч карлук» (болот, чигил, таштык) уруу бирикмесин түзүшкөн. Грек окумуштуусу Птолемейдин «Географиясында» К. Алтайды жердеген калк (2-к.), ал эми 5–6-к-дагы маалыматтарда түрк тилдүү теле (телес) урууларынын бири катары эскерилет. 7-к-дын орто чендеринде *Түрк каганды-гынын* жоюлушу м-н К-тар күчөй баштаган (к. *Карлук мамлекети*). М. *Кашгари* К-ды *огуздар* эмес, башка көчмөн түрк урууларынын бири деп эсептеген. 8–10-к-да К-га *тухси*, *чигил*, халаджи ж. б. уруулар кирсе, Ал-Марвази (12-к.) аларга дагы 9 урууну киргизген. К. мал чарбачылык, дыйканчылык ж-а кол өнөрчүлүк м-н кесиптенип, соода жүргүзүшкөн. Карлук мамлекети ыдырагандан кийин К. башка, түрк тилдүү элдердин этностук курамын түзүп калышкан.

Ад.: *Грум-Гржимайло Г. Е.* Западная Монголия и Урянхайский край. Т. 2. Л., 1926; *Бартольд В. В.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1996; *Чоротегин Т. К.* Махмуд Кашгари (Барскани) жана анын «Дивану лугати ит-түрк» сөз жыйнагы (1072–1077). Б., 1997; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана, Т. 1. Б., 2000; Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана/ Сост. Жуманалиев Т. Т. 1. Б., 2007.

КАРЛЫГАЧТАР *(Apodes)* – карлыгач сымалдар (узун канаттуулар) түркүмүндөгү куштар түркүмчөсү. Дене түзүлүшү *чабалекейге* окшош, ача куйруктуу. Тумшугу кичине, оозу чон, буттары кыска, манжалары бутакты кармай албайт. Күчтүү тырмагы м-н жарга жармашып, жашайт. Канаты узун, ичке тез учат. Шилекей бездери жакшы өөрчүгөн. Шилекейинин жардамы м-н уя салат (жабышкак зат). Дүйнөдө 2 тукуму (накта ж-а үрпөк К.), 8 уруусу, 86 түрү, КМШ өлкөлөрүндө 5, Кырг-ида 2 түрү бар. Түндүктөн башка бардык жерде таралган. Аска, жар конулдарына, үй чатырына, морго, үңкүргө уялайт. 1–6 жумуртка тууп, эркек, ургаачысы 20 күн басып чыгарып, балапанын багат. Келгин куш. Көбүнчө ачык талаада, тоодо жашайт. Учуп жүрүп майда чымын, чиркей, курттумурска м-н азыктанат, а. ч-га пайда келтирет.



КАРМА (санскритче *karma* – иш) – инди дининде (индуизм, буддизм, джайнизм) ж-а философиясында негизги түшүнүктөрдүн бири, *сансара* түшүнүгүн толуктайт. Кенири мааниде – ар кандай эле тирүү жандык жасаган кылык-жоруктардын ж-а алардын натыйжаларынын суммасы, о. эле тирүү жандын жаныдан төрөлүү ж-а бөлөк түргө өтүү мүнөзүн аныктайт. Тар мааниде – жасаган иш-аракеттердин учурдагы ж-а андан кийинки жашоонун мүнөзүнө тийгизген таасири.

КАРМЕ́Н Роман Лазаревич [16 (29). 11. 1906, Одесса – 28. 4. 1978, Москва] – сов. кинорежиссёр, сценарист, журналист, документ кинонун оператору, СССР эл арт. (1966), Соц. Эмг. Баатыры (1976), Азербайжан ССРинин иск-восуна эмг. сиң. ишмер (1959). Москва мамл. кинематография ин-тутунун оператор болүмүн бүткөн (1932). 1920-ж. «Вечерняя Москва» гезитинде, «30 дней», «Огонёк» журналдарында фотокорреспондент ж-а (документ) кинодо иштеген. 1932–35-ж. «Союзкиножурналды» чыгарууда ыкчам репортаждарды, портреттик очерктерди даярдаган ж-а монтаждаган («Үйдо», «Анна Масонованын отчёту», «Негр Робинсон – Моссоветтин депутаты» ж. б.). 1936-ж. Испанияга (интернационалдык бригадалардын катарында салгылашып, кино да тарткан), кийин Кытайга барган. Тарткан материалдарынын негизинде Испаниядагы окуялар тууралуу (20 чыгарылыш, 1936–37), «Кытай күрөштө» (3 чыгарылыш, 1938) киножурналдары, о. эле «Испания» (реж. Э. И. Шуб), «Кытайдын өзгөчө району» (реж. М. Я. Слуцкий), экөө тең – 1939, «Кытайда» (1941, реж., оператор ж-а текстин автору К.) ж. б. фильмдер жаралган. Слуцкий м-н бирге коломдүү, татаал тех. документ фильмдерди («Седовчулар», 1939; «Жаңы дүйнөнүн бир күнү», 1940) тартууга ж-а монтаждоого жетекчилик кылган. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде фронттук кинооператор катары «Москванын жанында немец армиясын талкалоо» (1942), «Берлин» (1945) ж. б. фильмдер үчүн материал жыйнаган. 1946-ж. Нюрнберг процесси ж-дө «Элдин өкүмү» фильмин тарткан. «Каспий нефтичилери жөнүндө повесть» (1953), «Деңизди багындыруучулар» (1959) фильмдери Лениндик сыйлыкка арзыган (1960). «Вьетнам» (1955), «Индия таңы» (1956), «Алоолонгон арал» (1961), «Улуу Ата Мекéндик» (2 сериялуу, 1965), «Гренада, Гренада, Гренадам менин» (К. Симонов м-н бирге, 1968), «Жолдош Берлин» (1969), «Алоолонгон континент» (1972), «Чили: күрөштүн жана тынчсыздануунун убагы» (1973), «Камарадос» (1974), «Корваландын жүрөгү» (1974) ж. б. фильмдери бар. О. эле биринчи сов.-амер. «Улуу Ата Мекендик» документ долбоорду жетектеген (1979, 20 фильм; К. – «22-июнь 1941» ж-а «Белгисиз солдат» фильмдеринин режиссёру). Документ кино ж-дөгү көптөгөн публицистикалык ж-а тарыхый-теор. макалалардын автору. 1970-жылдан ВГИКте проф., СССР мамл. сыйл. лауреаты (1942, 1947, 1952, 1975). Эки Ленин ордени м-н сыйланган.

Ад.: Р. Кармен в воспоминаниях современников. М., 1983.

КАРНАВА́Л (ит. Carnevale, carne – эт ж-а vale – кош бол дегенден) – 1) Италия, Франция, Испания, Германия ж-а Латын Америкасында Улуу орозо алдында майрамдалуучу жаз майрамы. Бул майрам элдин кооз костюмдарды кийип, маска тагынып, көчөлөргө чыгышы м-н коштолот. Өзгөчө Рио-де-Жанейро (Бразилия), Рим, Венеция (Италия), Ницца (Франция), Канар а-дарында кенири өткөрүлөт, о. эле Германиядагы Фашинг, Жаңы Орлеандагы Мадри-Гра (АКШ) карнавалдары белгилүү. К-дан кийин Пасхага чейин орозо учурунда эт жешпейт; 2) заманбап мад-тта костюм, маска кийүү м-н коштолгон ар кандай майрам, оюн-зоок, маскарад.



Колумбиядагы карнавал.

КАРНАЛЛИ́Т (немис геологу Р. Карналлдын атынан) – хлориддер тобуна кирүүчү минерал. Хим. формуласы $KCl \cdot MgCl_2 \cdot 6H_2O$. Кошундулары: коргошун, цезий, бром *Ромб системасында* кристалланат. Өңү ак, саргыч күрөң, кызгыл-



тым. Катуулугу *Моостун шкаласы* б-ча 2,5. С. салм. 1,6. Сууда жакшы эрийт. Нымдуу абада эзилет. Ачуу туз даамы бар. Калий тузунун жер семирткич үчүн колдонулуучу негизги минералы. Магний кенташын пайда кылат.

КАРНО́ ЦИКЛИ – эки изотерма ж-а эки адиабата процесстеринен турган кайталанма, айланма процесс (жүрүш). Жылуулук машиналарынын п. а. к-нын аныктоодо фр. инженер



p–v (басым – көлөм) диаграммадагы Карно цикли; δQ_1 ж-а δQ_2 – системага берилген ж-а алынган жылуулук сандары; *ABCD* аянтынын сан мааниси цикл аткарган жумушка барабар.

Н. Л. С. Карно бул циклди 1824-ж. биринчи изилдеген. К. ц-нин п. а. к. (η) жумуш аткаруучу нерсенин (буу, газ ж. б.) касиетине көз каранды эмес, ал жылуулук бергичтин T_1 ж-а жылуулук кабыл алгычтын T_2 темп-раларынын чоңдугу м-н аныкталат, б. а. $\eta=(T_1-T_2)/T_1$. Ар кандай жылуулук машиналарынын п. а. к. К. ц-нин п. а. к-нен көп болушу мүмкүн эмес. К. ц. термодинамиканы ж-а жылуулук техникасын өнүктүрүүдө, жаңы кыймылдаткычтарды жасоодо чоң мааниге ээ. К. ц-не таянып, темп-ранын абс. термод. шкаласы түзүлгөн, *Клапейрон-Клаузиус теңдемеси* чыгарылган.

КАРОЛИ́НА АРАЛДАРЫ – Тынч океандын батыш бөлүгүндөгү архипелаг, Микронезияда. К. а-нда Микронезия Федерация штаттары (Борб. ж-а Чыгыш К. а.: Косрае, Понпеи, Трук, Яп) ж-а Палау Респ. жайгашкан. 1–10° түн. кеңдиктин ж-а 131–163° чыгыш узундуктарынын аралыгында жайгашкан 936 аралдан (же аралдар тобунан) турат. Жалпы аянты 1320 *км*^{2}. Калкы 100 минден ашуун (2000). Жанартоодон пайда болгон ири аралдары (бийикт. 791 *м*ге чейин): Бабелтуап, Понапе, Кусаие, Яп, Трук.- Фосфат кендери бар. Климаты экватордук ж-а субэкватордук. Дайыма жашыл тропик токою, саванна өсөт. Тропиктик дыйканчылык өнүккөн. Балык кармалат. К. а-нда европалыктардан алгачкы жолу 1528-ж. испан деңиз саякатчысы А. де Сааведра болгон. Испан королу Карл Iнин урматына аталган.

КАРОЛИНГДЕР – Франк мамлекетиндеги королдор м-н императорлор династиясы. *Карл I*нин ысмынан аталган. 751-ж. Меровингдерди алмаштырып, 10-к-га чейин бийлик кылган. К. династиясы аны негиздеген Пиппин Ланденскийдин (7-к.) тушунда күчтөнө баштап, небереси Геристальский, чөберөсү Карл Мартелл ж-а анын уулу Кодоо Пипиндин (К-дин падышаролу) бийлиги учурунда ого бетер чыңдалып, акыркча *Карл I* Улуунун (768–814-ж. башкарган, 800-жылдан император) тушунда өтө күчөгөн. 814-ж. бийлик анын уулу Людовик Благочестивийге өтүп, Верден келишими (843) б-ча империясы Карл Інин Улуунун неберелери бөлүп алган. Империя бирөтоло кулагандан кийин К. Италияда 905-жылга, Германияда 911-жылга, Францияда 987-ж. чейин бийлик кылган.

КАРООЛ – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Кароол айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 940 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 7 *км* түш. тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 42 *км*. Калкы 3426 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КАРООЛ-ДӨБӨ – Чүй обл-нун Кемин р-нундагы кыштак. Көк-Ойрок айыл округуна караштуу. Чоң Кемин өрөөнүндө, деңиз деңг. 1300 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кемин шаарчасынан 55 *км* чыгыш тарапта. Кыштак 1924-ж. негизделген. Калкы 1123 (2007); негизинен жашылча, картошко өстүрүп, мал багат. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КАРОТА́Ж (фр. carotte – сабиз) – жер кыртышынын терең бөлүгүндөгү тоо тек катмарларын ж-а пайдалуу кендерди аныктоо үчүн бургулоо көзөнөктөрүндө (скважинада) жүргүзүлүүчү геофиз. ыкма. Негизинен тектердин литол., петрогр. өзгөчөлүктөрүнө, физ. касиеттерине негизделген. Мында геофиз. аспаптар кабель м-н көзөнөккө түшүрүлүп, тоо тектеринин касиеттерине байланыштуу маалыматтар алынат. Маалымат автомашинага орнотулган аппаратка диаграмма же сан түрүндө берилет. Аны анализдеп, тоо тектерди катмарларга бөлүүгө болот. Тоо тектердин физ. касиеттерине жараша К. ыкмасы төмөнкү түрлөргө бөлүнөт: 1) электр К-ы тоо тектердин электр өткөрүү касиеттерин, каршылык көрсөтүүлөрүн, табигый электр токторун аныктайт; 2) радиоактивдүү (ядролук) К. тоо тектеринин табигый радиоактивдүүлүгүн, нейтрондордун тыгыздыктарын экинчи жолу пайда болуучу гамма нурларды изилдейт; 3) терм К-ы бургулоо көзөнөктөрүндөгү темп-раны өлчөйт; 4) акустикалык (ультра үн) К. тоо тектеринде үн толкундарынын таралуу ылдамдыктарына ж-а алардын жок болуп кетишине байкоо жүргүзөт; 5) магниттик К. тоо тектеринин магниттик касиеттерин, табигый магниттүүлүктөрдү иликтейт. К. жүргүзүү м-н бургулоо көзөнөгүндөгү тоо тектердин катмарлары салыштырылат. Литол. курамы, калыңдыгы аныкталат. Пай-

далуу кендердин (нефть, газ, көмүр, кенташ, курулуш материалы ж. б.) өлчөмү, саны эсептелет. Нефть, газ иштетүү жумуштары көзөмөлгө алынат. Нефть м-н газ кендерин изилдөөдө, терең бургуланган көзөнөктөр б-ча геол. документтерди жүргүзүүдө зор роль ойнойт.

КАРПА́Т ТООЛОРУ – Европадагы тоо системасы. Словакия, Чехия, Польша, Венгрия, Украина, Румыниянын аймагында. Дого сымал жыгышты карай ийилип, Дунай д-нын өрөөнү (Братислава ш. туштан) Темир Дарбазага чейин 1600 *км*ге созулуп жатат. Орт. бийикт. 600–800 *м* чамасында, эң бийик жери 2655 *м* (Герлаховски-Штит чокусу). Батыш ж-а Чыгыш Карпат *Бескид тоолорунан*, Түш. Карпат Батыш Румыния тоолорунан, Трансильвания платосунан турат. Альп геосинклиналь облусунун курамына кирет. Догонун сырткы тилкеси негизинен флиштен (кумдук, конгломерат, чополуу сланец), борб. тилкеси кристаллдык тектерден, акиташ тегинен турат; мында байыркы мөңгүлөрдүн издери сакталган бийик кырка тоолор (Татра, Фэгэраш ж. б.) жайгашкан. Ички тилкесин көбүнчө жанартоо массивдери түзөт. Климаты мелүүн, деңиздик климаттан континенттик климатка өтмө. Январдын орт. темпрасы −2...−5°С (кыр чокуларында −10°Сден төмөн), июлдуку 17–20°С (4–5°С). Жылдык жаан-чачыны 600–2000 *мм*. Капталдарында 1600–1800 *м* бийикке чейин жазы ж-а ийне жалбырактуу токой, андан жогору субальп бадалдары ж-а шалбаа өсүмдүктөрү өсөт. Нефть, газ, таш туз (негизинен Карпат этегиндеги ойдундарда), түстүү металл (Металич тоосунда) кендери, жылуу булактар бар. Карпаттын аймагы-



Чыгыш Карпат. Украина.



ның 16% аянты коргоого алынган; алардын эң негизгилери: Татра улуттук паркы (Словакия, Польша), Чыгыш Карпат эл аралык биосфера резерваты (Украина, Словакия, Польша), Карпат биосфера коругу, Синевир, Сколев Бескиддери, Ужан улуттук парктары, Горгани коругу, Надсян ландшафттык паркы (Украина), Ретезат улуттук паркы (Румыния). Жапыз Татра, Словакия Карсты, Полонина улуттук парктары (Словакия), Туризм өнүккөн, спорттун кышкы түрлөрү өткөрүлөт. Тоо-климаттык ж-а бальнеол. курорттору арбын.

Ад.: Физико-географическое районирование Украинской ССР. К., 1968; *Мильков Ф. Н., Гвоздецкий Н. А.* Физическая география СССР. Общий обзор, Европейская часть СССР. Кавказ. М., 1986; Украинские Карпаты. Природа. Киев, 1988; Физическая география материков и океанов. М., 1988;

КАРПЕНТА́РИЯ – Арафура денизиндеги булун; Австралиянын түн. жээгинде, Кейп-Йорк ж-а Арнемленд ж. а-нын аралыгында кургактыкка 600 *км* кирип турат. Аянты 328 мин *км*². Терендиги 71 *м*ге чейин. Булунда Уэлсли ж-а Грут-Айленд а. бар. Суткада эки жолу ташкындайт (бийикт. 3,2 *м*ге чейин). Суусунун туздуулугу 34,8‰. Жээктеринде өтө катуу ташкын-тартылуу болуп турат.

КАРПИ́НИ Иоанн де-Плано, Жованни Пиано де-Карпини [1182 Италия, Перуджага жакын – 1252, Черногория, Антивари (азыр Бар) ш.] – итал. элчи, саякатчы, кечил. Перуджи ш-нын атактуу үй-бүлөсүнөн. Франциска-минарит кечил орденин негиздөөчүлөрдүн бири. Миссионердик иш м-н Тунисте (1222), Испанияда (1225) болгон. Рим папасы Иннокентий IVнүн тапшырмасы б-ча 1246-ж. элчи катары Монгол хандыгынын ордосу – Кара-Корумга жиберилген. Ал Богемия, Силезия, Днепр, Дон, Волга, Жайык (Урал), Жети-Суу, Тарбагатай аркылуу келип, *Үгөдөйдүн* тун уулу Гүйүктү хан көтөрүү салтанатына катышкан. Анын жолдо көргөнүн жазган эмгеги жогору бааланып, кайтып баргандан кийин архиепископ наамын ж. б. сыйлыктарды алган. К-нин чыгармасында («Либеллус хисторикус») азыркы Кырг-н (Түн. ж-а Чыгыш Тянь-Шань), Отрар, Жасы, Сыганак, Сайрам, Ашнас ж. б. ш., о. эле көчмөн монгол уруулары, алардын турак жай, үрп-адаты, дини ж-а аларга баш ийген элдердин админ.-мамл. түзүлүшү, феодалдык менчик (жайыт), көчмөн калктын феодалдарга көз карандылыгы ж-дө тарыхый маалыматтар камтылган. Бул эмгек ил. чөйрөдө жогору бааланып, англис, француз, орус ж. б. тилдерге которулган.

Ад.: *Малеин А. И.* Иоанн де Плано Карпини. История монголов. Вильгельм де Рубрук. Путешествие в восточные страны в лето благости 1253. СПб. 1911; Христианский мир и «Великая Монгольская империя». СПб., 2002.

КАРРА́ЧЧИ (Carracci) – итал. сүрөтчүлөрдүн үй-бүлөсү. *Академизм* өкүлдөрү. Лодовико К. (19. 4. 1555, Болонья – 13 же 14. 11. 1619, ошол эле жер) ж-а анын ата өтүшкөн туугандары Агостино К. (15. 8. 1557, Болонья – 22. 3. –1602, Парма) ж-а Аннибале К. (3. 11. 156[illegible] Болонья – 15. 07. – 1609, Рим) м-н бирге Кор[illegible]ко, *Микеланжело* ж-а Тинторетто ж. б-дын[illegible]маларын колдонуу м-н өз стилин жаратып Болонья ш-нда акад. иск-вонун принциптер[illegible]итеп чыгууда маанилүү роль ойногон «[illegible]а жолго түшкөндөрдүн академиясын» түзүп (1585-ж. чен). Алтардык сүрөттөрдүн монум[illegible]рлик композициясы б-ча жарашыктуу ж-а к[illegible]рити б-ча шандуу жаны түрүн жаратышкан («Мадонна



Аннибале Каррачи (Агостино Каррачи м-н бирге). «Ариадна менен Вакханын триумфу». Римдеги Палаццо Фарнезинин галереясындагы параддык плафондон фрагмент.

Баржеллини», 1588; «Марияны даназалоо», 1592). Бир тууган К-лердин чыг-лыгы 17-к-дагы Европа иск-восунда 2 негизги багыттын – *барокконун* ж-а *классицизмдин* калыптанышына таасирин тийгизген.

КАРРЕ́РАС Хосе (5. 12. 1946-ж. т., Барселона) – испан ырчысы (тенор). 11 жашынан «Лисео» (Барселона) театрында М. де Фальянинин «Петро маэстронун балаганчиги» операсынан Анжемечинин партиясын аткарган. Барселона консерваториясын бүткөн. Алгач 1970-ж. Барселона театрынын сценасында В. Беллинин «Норма» операсында Флавиянын партиясын ырдап чыккан. Пармадагы Ж. Верди атн. вокалисттер конкурсунун лауреаты (1971). Ж. Вердинин «Набукко», Г. Доницеттинин «Лукреция Борджиа», (экөө тең «Лисео» театры, 1970), «Мария Стюарт»



(Лондон, 1971) операларын М. *Кабалье* м-н бирге ырдап чыккандан кийин эл аралык деңгээлде таанылган. К. 60тан ашык опералык партияны «Ла Скала» (Милан), «Метрополитен-опера» (Нью-Йорк), «Ковент-Гарден» (Лондон), Вена [illegible]а Бавария мамл. (Мюнхен) опера театрлары [illegible]. 5. дүйнөлүк театрлардын сценаларында чоң [illegible]ерчиликте аткарган. 1990-ж. П. Доминго ж-а [illegible]Заваротти м-н бирге «Үч тенор» эл аралык [illegible]бюрунун алкагында ырдап чыккан. Эл аралык Лейкемияга каршы күрөшүү фондун уюш-[illegible]кан (1988). Ардактуу легион ордени м-н сый-[illegible]ган.

КАРРУ́ (англ. Karroo, готтентотчо karusa – куртакчыл, күрсүз жер) – Түш. Африкада Оранж д-нан түштүктү карай жаткан жарым чөлдүү платолор м-н тоо аралык ойдундардын жалпы аталышы. Субтропиктик климаттык алкакта. Интрузия тектери жиреп чыккан кумдук ж-а сланец катмарларынан турат. Кап тоолорундагы узатасынан жаткан өрөөндөр К и ч и К. (бийикт. 300–600 *м*), Чоң Урчук м-н Кап тоолорунун аралыгындагы ойдундар Ч о ң К. (450–750 *м*), Чоң Урчук м-н Оранж д-нын аралыгындагы платолор Ж о г о р к у К. (1000–1500 *м*) деп аталат. Бадал ж-а дан өсүмдүктөрү басымдуу.

КАРСТ [Словениядагы Карст (Крас) тоосунун атынан], к а р с т к у б у л у ш т а р ы – жер астындагы же үстүндөгү суулардын тоо тектерине тийгизген таасиринен пайда болуучу кубулуштар. Тоо тектери сууга эзилип, ар кандай бошток тар, үңкүрлөр, чуңкурлар, кудуктар, көңдөйлөр, конулдар келип чыгат. Гипс, бор, туз, акиташ, доломит тез эрип, орду бошток айланат. Жер бетинде оюктар, чуңкурчалар, тайыз кудуктар, жер астында үңкүрлөр, бошток тар, көңдөйлөр пайда болот. Булар карст үңкүрлөрү деп аталат. Алардын таасиринен жер бетинин түзүлүшү өзгөрөт. Кудуктарга суу толуп, көлчөгө айланат. Ири үңкүрлөр АКШда (Флинт-Риж үңкүрү, уз. 100 *км*, Кентукки штаты); Крым, Кавказ, Урал, Сибирде кездешет. Кырг-нда Канигут (уз. 3,5 *км*), Чил-Устун (уз. 3 *км*), Ферсман атн. (уз. 1,5 *км*, терендиги 240 *м*) үңкүрлөр бар. К. кубулуштары эл чарбасына зор зыян келтирет. Айдоо аянттары, сугат тармактары бузулат, жемиш бактары, курулуштар талкаланат. Темир ж-а таш жолдору иштен чыгат.

Ад.: *Соколов Д. С.* Основные условия развития карста. М., 1962; *Гвоздецкий Н. А.* Карст. М., 1981.

КАРСТ, К р а с, Д и н а р а К р а с ы (нем. Karst, словенче Kras) – Словениядагы акиташ тектүү плато (батыш чет-жакасы Италияда); Динара тайпак тоосунун курамында. Истрия ж. а-нан түндүктө. Бийикт. 643 *м*ге чейин (Трстель чокусу). Рельефтин накта карсттык формалары (воронка, кудук, үңкүрлөр), туюк чуңкурдуктар ж. б. мүнөздүү. Агын суу дээрлик жок, өсүмдүктөрү сейрек. Күрдүү топурактуу чуңкурчактарында жүзүм өстүрүлөт. Платодо дүйнөгө белгилүү Постойнска-Яма үңкүрү бар.

КАРСТ СУУЛАРЫ – карст бошток тарындагы, үңкүрлөрүндөгү суулар. Карбонаттуу, гипстүү аймактарда кездешет. Бир нече гидродинамикалык аймактарга бөлүнөт. Аэрация аймагы жыл мезгилине жараша деңгээлин өзгөртүп турат. Толук нымдуу аймактар гидрокарбонаттуу, кальций сульфаттуу келип, суу өткөрүүчү тектерге байланыштуу болот. К. с-нын жер бетине агып чыгышынан карст булактары пайда болот.

КАРСТ ТААНУУ — карст кубулуштарын изилдөөчү илим; геология м-н география илимд. өз алдынча тармагы. Байыркы ж-а азыркы кездеги карст кубулуштарынын пайда болушун, өсүп-өнүгүү себептерин, жер бетинде таралышын, эл чарбасына тийгизген залакасын, ага каршы күрөшүү иштерин окутуп үйрөтөт. Гидротех. курулуштарды, темир ж-а таш жолдорду курууда, сугат тармактарын жүргүзүүдө, жайыттарды туура пайдаланууда, айдоо аянттарын агротех. эрежеде иштетүүдө, токойлорду билгичтик м-н өстүрүүдө ил. жактан туура көмөк берет. Өз ичинен жалпы, жерг., инж., эксперименттик, карст гидрологиясы, спелеология, карст гидрохимиясы, карст гидрологиясы деген ил. тармактардан турат.

Ад.: *Максимович Г. А.* Основы карстоведения. Пермь, 1963–1969. Т. 1–2.

КАРТ (англ. cart) – кузову, дифференциалы ж-а дөңгөлөктүн серпилгичтүү асмасы жок, чакан аянтчадагы *(картингдеги)* жарышка арналган чакан литраждуу автомобиль. Жумуш аткаруу көлөмү 250 *см*³га чейинки 2 тактуу кыймылдаткычы бар. Эң жогорку ылдамдыгы 150 *км/саат*.

КА́РТА (гр. chartes – жазууга пайдалануучу папирус барагы же түрмөгү) – 1) жер бетинин, жылдыздуу асмандын же алардын айрым болуктөрүнүн кичирейтилип, матем. жактан аныкталып ж-а жалпыланып, шарттуу белгилер м-н тегиздикке (кагазга ж. б.) түшүрүлүшү; маалыматтары картанын темасына ж-а милдетине жараша болот; мис., *географиялык карталар*, жылдыз карталары. К. салыштырмалуу түп нускасына окшош, масштабы, ачык түшүнүктүүлүгү, баяндамалуулугу м-н ил. билим берүүдө география, геология, геофизика, социология ж. б. Жер ж-а коом ж-дөгү илимдерде чындыктын сүрөттүү үлгүсүн берет, о. эле багыттоочу ж-а маалымат берүүчү каражат болуп эсептелет; 2) бланка; 3) оюн К-сы.

КАРТАҢБАЕВ Райкан Соодалиевич (2. 3. 1956-ж. т., Чүй обл., Панфилов р-ну, Эркин-Сай айылы) – техника илимд. доктору (2003), ФПИни (1978), Москвадагы автомобиль-жол ин-тунун аспирантурасын (1983) бүтүргөн. ФПИде окутуу-

чу, комсомол к-тинин секретары; Кыргыз автожол констр.-технол. ин-тунда улук окутуучу, доцент, бөлүм башчысы; КМКТАУда кафедра башчысы; «Технопарк» ил.-технол. борборунун директору болуп иштеген. 2005-жылдан КМКТАУда илим ж-а мамл. тил б-ча проректор. Туннель кесилиштери ж-а жол долбоорлоо жаатында адис. 200дөн ашык ил. эмгектин, а. и. 10 монографиянын автору.

Эмг.: Эсептөө техникасын колдонуу жана космостук сүрөт съёмкаларын пайдалануу менен тоо жолдорун долбоорлоо. Б., 1997; Транспорттук туннелдерди долбоорлоодо математикалык моделдештирүү. Б., 1998; ПЭЭМди пайдалануу менен курулуш механикасынын жалпы курсу. Б., 2003 (авторлош); Автомобиль жолдорун курууда шагыл материалдарын пайдалануунун өзгочолуктөрү. Б., 2004 (авторлош).

КА́РТА ТААНУУ – картогр. илимдин теор. бөлүгү. Ал геогр. ж. б. карталардын чындыкты чагылдыруусун, алардын элементтерин, касиеттерин, түрлөрүн ж-а өнүгүүсүн изилдейт. Картографиянын тармагы, сабак катары картогр. булактарды талдоо ыкмасын, картографиянын тарыхын ж-а карта пайдалануу ыкмасын иштеп чыгат.

КАРТАХЕ́НА, Картахена-де-Индиас – Колумбиядагы шаар. Боливар департаментинин адм. борбору. Кариб деңизинин жээгинде, Магдалена д-ндагы деңиз порту (жылына 7 млн *т* жүк ташылат). Калкы 885,7 миң (2008). Жол тоому. Эл аралык аэропорту бар. Нефть ажыратуу, тамак-аш, цемент, хим. ө. ж. ишканалары иштейт. Шаар 1533-ж. негизделген. Кул соодалоонун борбору болгон. К-нын тарыхый борборундагы 3 квартал (ак сөөктөр, соода ж-а элдик) *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. 16–18-к-дын чептери, чиркөөлөрү, монастырлар ж-а соборлор сакталган. Өлкөнүн башкы ишкер, соода (зер буюмдар, асыл ташгар) ж-а ө. ж. борбору. Машина куруу (а. и. кеме ремонттоо), жеңил ж-а тамак-аш, нефть ажыратуу (Кариб деңизинин жээгиндеги ж-а өлкөдөгү эң ири; кубаттуулугу суткасына 75 миң *баррель*; 2010-ж. кубаттуулугу суткасына 140 миң *баррелге* жеткирилет) ишканалары иштейт. Ун-ттер, музейлер, китепканалар бар. К-да ЭКФ (1961-жылдан) өткөрүлүп турат.

КАРТАЮУ – организмде жаш. [illegible] караша закон ченемдүү өзгөрүүлөр жүрүп, [illegible] ыңгайлануу мүмкүнчүлүктөрүнүн акырындап төмөндөшү. К-да адамдын териси жукарып, [illegible]ыш кирип, чачы агарат, түшөт, бою кичирейет, бүкүрөйөт. Адамдын ишке жөндөмдүүлүгү, [illegible]никасы ж. б. өзгөрөт. Түрдүү ички ж-а сырткы [illegible]ымсыз факторлор организмди тез картайтат (патол. картаюу). Физиол. К-нун алгачкы белгилери 60 жаштан кийин пайда боло баштайт. К. процесси ар кайсы органдар м-н ткандарда ар башка мезгилде жүрөт. Улгайгандарда орган м-н системалардын функциясы акырындап төмөндөйт, көздүн тунук кабыгынын тунаруусу күчөп, *катаракта* пайда болот, көрүү начарлайт, кулак каңырыштайт. Көкүрөк деформацияга учурайт (кифоз). Булчундардын күчү начарлайт, нерв, жүрөк-кан тамыр системасында өзгөрүүлөр байкалат. Борб. нерв системасынын атеросклерозунан болгон өзгөрүүлөрү акыл-эстин, мээнин начарлашына алып келет. *Кан басымы* бир аз жогорулайт, жүрөктүн кагуусу жайлайт. Улгайган сайын тамак сиңирүүчү ферменттердин активдүүлүгү, май, амин к-таларын, глюкозаны сиңирүү начарлап, боор иши төмөндөйт. Тиштер саргарып, түшөт. Аялда *этек кир* токтойт, эркекте *сперматозоиддерди* чыгаруу начарлайт. Муунда кыймыл азайып, *остеопороз, остеохондроз* пайда болот. К-ну ар түрдүү өнөкөт оорулар тездетет. Ошондуктан оорулардын алдын алуу эрте К-ну кечеңдетет. К-нун өөрчүшүндө *тукум куучулук* чоң мааниге ээ. Жашы өткөн адамдарга гимнастика, туура тамактануу маанилүү, себеби анда энергия азыраак жумшалып,



Шаардын заманбап болугунун көрүнүшү.

зат алмашуу басандайт. Ошондуктан ферменттик системаларга күч келтирбей, тамакты аз ичүү керек.

КАРТЕЛЬ (фр. cartel, ит. cartello, carta – кагаз, документ) – экон. ж-а юрид. жактан бири-биринен көз каранды эмес ишканалардын көбүрөөк [illegible]ка көрүү үчүн экон. биригүү формасы. К-ге [illegible]өкөндөр өндүрүш көлөмүн жөнгө салуу, [illegible]ай базар бааларын орнотуу, өндүрүлгөн продукцияны өткөзүү, жумушчу күчүн жалдоо ж. б. [illegible]макулдашышып, келишим түзүшөт. К-ге [illegible]рбен бардык ишканалар өзүнүн өндүрүштүк жана коммерциялык өз алдынчалыгын сактап калат. К-ге бирдей продукция өндүргөн ишканалар биригет. К. базар экономикасында монополиялык көзөмөлгө ээ болгондуктан, көбүнчө көмүскө түрдө түзүлөт. Алар көбүнчө кыска убакытка түзүлүп, туруксуз болот.

КА́РТЕР (англ. catter)– машина же механизмдин (кыймылдаткыч, редуктор, насос ж. б.) кыймылсыз бөлүгү. Ал негизинен куту түрүндө жасалып, жумушчу тетиктердин таянычы катары кызмат кылат ж-а машинаны же механизмди булгануудан сактайт. Мис., поршендүү кыймылдаткычтын К-и муунактуу вал, цилиндр ж. б. тетиктердин таянычы болуп эсептелет. К-дин төмөнкү бөлүгү майлоочу майдын чогултkучу катары пайдаланылат. К. чоюндан, ысытылып иштетилген болоттон, жеңил металлдан жасалат.

КАРТИ́НА – өз алдынча көркөм мааниге ж-а мүнөзгө ээ болгон живопись чыгармасы; станок иск-восунун бир түрү. К-нын живописттик башка чыгармалардан айырмасы: белгилүү бир орун м-н байланышпайт ж-а жасалга катары пайдаланылбайт. Станок-мольбертте тартылып бүтүп, тегереги алкакталат. К. *Кайра жаралуу* доорунан тартып кеңири тараган. Кыргыз живописчилеринин К-лары жерг. ж-а дүйнөлүк атактуу музейлерден орун алган.

КА́РТИНГ (англ. carting, cart – арабача дегенден) – *карт* м-н спорттук жарышуу; жарыш өтүүчү атайын аянт. К-дин жолу көп сандагы ар кандай олчомдогу оң ж-а сол бурулуштардан турган татаал конфигурацияларды камтыйт. Алардын уз. эл аралык автомобиль федерациясынын талаптарына ылайык 400 *м*ден 1200 *м*ге чейин, туурасы 6 *м*ден 10 *м*ге чейин, түз бөлүгүнүн уз. 100 *м*ге чейин болот. К-дин спорттук жарыштары эл аралык формула, эл аралык, улуттук ж-а спортту сүйүүчүлөр класстарына бөлүнөт. К-де башка автомобиль жарыштары сыяктуу жол көрсөтүүчү желектер колдонулат. Алар түсүнө карата айрым белгилерди көрсөтүшөт. Мис., чакмактуусу жарыштын аягын, кызыл түстөгүсү жарыштын токтошун, сарысы коркунуч туулушун ж. б. билдирет. 2007-жылдан К-тин KF1... KF4, KZ1, KZ2 жаңы класс системалары б-ча дүйнөлүк чемпионат өтүүдө. О. эле мурдакы «Суперкарт», «Формула-А», «Интерконтиненталь-А», «Эл аралык формула», «Ротакс-макс» ж. б. түрлөрү б-ча эл аралык ж-а Кырг-нда К. сүйүүчүлөрдүн мелдештери өтүп турат, к. *Автомобиль спорту.*

КАРТОГРА́ФИЯ (*карта* ж-а *...графия*) — картогр. эмгектердин (*географиялык карталар, глобустар,* рельеф карталары, Айдын, планеталардын, жылдыздуу асмандын карталары ж. б.) теориясы, методикасы, аларды түзүү ж-а пайдалануу ыкмалары ж-дөгү илим. Коом ж-а табият кубулуштарынын (алардын жайгашуусу, структуралары, касиеттери, өз ара байланыштары, өзгөрүү мезгилдери) мейкиндикте орун алышын, айкалышын ж-а өз ара байланышын чагылдырат. К. илим катары төмөнкүдөй бөлүмдөрдөн турат: *карта таануу,* матем. картография, карталарды проекциялоо ж-а түзүү, карталарды жасалгалоо, карталарды чыгаруу, карталарды пайдалануу, картогр. өндүрүш мекемелери, картографиянын тарыхы. Айрым тематикалык карталардын түрүнүн өзгөчолүгү (геол., топурак, экон. ж. б.) ж-а аларды түзүү ыкмалары К-нын башка тармактарынын пайда болушуна шарт түздү. Топогр. К. *топография, геодезия* илимдери м-н тыгыз байланыштуу. Космосту сүрөткө тартуунун өнүгүүсү м-н жаңы багыт – космостук К. пайда болду.

Ад.: Картография. Т. 7. М., 1976; *Сорокин А. И.* Морская картография. М., 1985; *Берлянт А. М.* Образ пространства: карта и информация. М., 1986; *ошол эле.* Картография М., 2002; *Серапинас Б. Б.* Математическая картография. М., 2005.

КАРТОГРАФИЯЛЫК ПРОЕКЦИЯЛАР – жер эллипсоидинин же жер шарынын бетин тегиздикке түшүрүүнүн матем. ыкмалары. К. п. жер эллипсоидинин бетиндеги ж-а тегиздиктеги чекиттердин координаталарынын өз ара көз карандылыгын аныктайт. Эллипсоиддин (же шардын) бетин тегиздикке бүктөлүүсүз же үзбөй жаюуга мүмкүн болбогондуктан, тегиздикке түшүрүлгөн жердин айрым геом. касиеттерин картада бурмалап көрсөтүүгө туура келет. Бурмалап көрсөтүүлөрдүн мүнөзүнө карай тең бурчтуу, тең чоңдуктагы, эркин ж-а тең аралыктагы параллелдердин, меридиандардын түшүрүлүшүнө карата цилиндрдик, конустук, азимуттук, жалган конустук (псевдоконустук), жалган цилиндрдик (псевдоцилиндрдик), шарттуу К. п-га бөлүнөт. Тигил же бул К. п-ды колдонуу картанын эмнеге арналышына, картага түшүрүлгөн аймактын конфигурациясына ж-а абалына жараша болот.

КАР ТОКТОТУУ – талаага кар топтоо ж-а анын агротех. ыкмасы. Күздүк эгин, жер-жемиш ж-а көп жылдык өсүмдүктөрдү кышкы же жазгы суукта үшүктөн сактоого, талаанын нымдуулугун арттырууга мүмкүндүк берет. Кар калың болсо, жер көп тоңбойт, жазында эрте эрип, суусу жерге жакшы сиңет, топурак кышкы шамал эрозиясына учурабайт. К. т-нун натыйжасында

эгиндин түшүмдүүлүгү ар гектарынан 2–4 *ц*ге көбөйөт. К. т-нун кеңири таралган жолу – кар жалчаларын топтоо. Кар жалчалары карды трактор м-н айдоо аркылуу шамалга карата туурасынан же кыйгачынан кайчылаш, бири экинчисинен 5–10 *м* алыстыкта топтолот. Карды жылуу күндөрү, кардын жумшак, нымдуу кезинде топтогон жакшы. Карды шамал айдап кетпес үчүн ар кандай тосмолор – кесилген дарак бутактары, үйүлгөн кык, саман ж. б. пайдаланылат.

КАРТОТЕ́КА (жалпы мазмунда, бир системага салынган, белгилүү сандагы эсеп-кысап карточкалары. К. алфавит же тема б-ча жайгаштырылат. К. бухг. эсеп, китепкана, ил. мекеме, редакция ж. б-да кеңири колдонулат.

КАРТӨШКӨ (нем. Kartoffel) – ит жүзүмдөр тукумундагы түймөк тамырлуу өсүмдүк. Негизинен Түш., Борб. Америкада өсүүчү 150дөй жапайы ж-а эгилме 2 түрү (анд ж-а чили) белгилүү. К.– байыркы өсүмдүк. К-нүн мекени – Түш. Америка. Андан 16-к-да Европага, 18-к-да Россияга таралган. Жалбырагы жөнөкөй, 5 тилкелүү, чоң ж-а майда жалбырактары сабагына кезектешип, жупсуз куш канаты сымал жайгашат. Гүлү ак, көк, көгүш же кызгылт түстө. Топ гүлү – бурулча. Мөмөсү эки уялуу, көп үрөндүү жемиш. К-нүн түймөгүнүн чоңдугу ж-а формасы ар түрдүү, сырты ак, кызыл, сары, кызгылт, көк, ичи ак болот. К. вегетациялык жол (түймөгүнөн) м-н, о. эле уругунан (селекция үчүн) өстүрүлөт. К-нүн вегетация мезгили түрүнө ж-а сортуна жараша 70–140 күн. Үрөнү жер кыртышынын жылуулугу 5–8°Сге жеткенде өнүп чыгат, аба ырайы салкын болсо, жакшы өсүп, 16–22°С темп-рада гүлдөйт. Жаңы өнүп чыккан, о. эле өсүп жетиле элек жаш сабагы –2°С суукта үшүп кетет. К. гүлдөп, түп ала баштаганда суу, сиңимдүү заттар көп керектелет. Бир *га* жерден 200–259 *ц* түшүм алыш үчүн ал аянтка 100–175 *кг* азот, 40–50 *кг* фосфор, 140–230 *кг* калий жер семирткичи берилет. К-дө 76,3% суу, 23,7% кургак зат, а. и. 17,5% крахмал, 0,5% кант, 1–2% белок, 1%че туз, С, В,, B_2, B_6, РР, К витаминдери ж-а каротиноид бар. Андан 100дөн ашык ар кандай тамак-аш жасалат. К. топурактагы темп-ра 6–8°С болгондо тигилет. Кеч тигилген К-нүн түшүмү, крахмалы аз болуп калат. Отургузуш үчүн орточо чондуктагы (салм. 50–80 *г*) К. тандалып алынат. К-нү отургузуу, түптөө ж-а казуу үчүн атайын машиналар бар. К. тиккич машина бир эле мезгилде жер семирткич чачып, үрөндүк картошкөнү көмөт. Ал үрөндү катарлап же чарчылап-[illegible]өктөп тигет. К. түптөгүч машина катар ара[illegible]ын жумшартуу м-н бирге отоо чөбүнөн арыл[illegible], өсүмдүктүн түбүнө топурак үйөт. К. казгыч [illegible]ина картошкөнү казып, топурактан ж-а са[illegible]нан ажыратып, талаага таштайт. К. кол м[illegible]ерилет. Бул машиналардын ар кандай марка[illegible]ры бар, алар башка тракторлорго чиркелет же агрегатталат. Кырг-ндын топурак ж-а климаттык шарты картошкө эгүүгө ыңгайлуу. 1870-жылдарда биринчи эгиле баштаган. Эгилме К. пайда болгондон кийин гибриддештирүүнүн натыйжасында 1000дей сорту пайда болгон. К-нүн Кырг-нда эгилүүчү негизги сорттору: Берлихинген, Искра, Лорх, Огонёк, Седов, Невский, Янтарный, Пикасо ж. б. К-нүн негизги илдеттери: *фитофтороз*, рак, К. чириги, К. нематодасы ж. б.; зыянкечтери: *колорадо коңузу*, зым курттар, гамма көпөлөгү ж. б.



Ад.: *Султанов А.* Агротехника картошкага түшүм кошот. Ф., 1968; *Сердюков А. Е., Писарев Б. А., Старцева Л. И.* Семеноводство картофеля. Ф., 1984; *Фомин И. М.* Совершенствование производства картофеля. Л., 1987. *Г. Эшимкулова.*

КА́РТРИЖ ДИСК (англ. cartridges – картридж) – компьютерден ажыратууга мүмкүн болгон *катуу дисктин* кээ бир тейлегичи. К. д. катуу диск сыяктуу сактоо көлөмү чоң ж-а тез жетүүнү камсыз кылат. Ошону м-н катар *флоппи диск* сыяктуу портативдүү өндүрүмдүүлүгү жогору болгон К. д-тери бир гигабайттан ашык берилишти сактай алат ж-а чоң файлды транспорттоо же маанилүү файлдын көчүрмөсүн сактоодо колдонулат. Иштин аягында К. д-ти алып койсо болот.

КАР ЧЕГИ — жыл бою эрибеген кардын шарттуу төмөнкү чеги. Андан жогору жааган кар эригенге ж-а бууланганга караганда көбүрөөк топтолот. К. ч. Антарктидада деңиз деңгээлине чейин ылдыйлап, Тибет тайпак тоосунда 7 миң *м*ге чейин көтөрүлөт. Кырг-ндын тоолорунда К. ч-нин бийикт. 3000–3500 *м*ден өтөт.

КАР ЧЕНЕГИЧ – атм-дагы суюк ж-а катуу жаанды өлчөөчү аспап. В. Д. Третьяковдун констр-сы б-ча аянты 200 *см*², бийикт. 40 *см* болгон К. ч. идишке (чакага) жаан-чачын топтолот. К. ч. топурактын бетинен 2 *м* бийик жерге орнотулат. Өлчөө бирдиги – *мм*, бөлүкчөлөргө бөлүнгөн стакан м-н өлчөнөт, катуу жаан-чачын эригенден кийин ченелет.

КАРТЫК – кыргыз табыптарынын аспабы. Уйдун же топоздун мүйүзүнүн учунан жасалган. Таарылып алынган мүйүздүн көндөйү тазаланып, ичке учу дагы таарылып, тегизделип ж-а жылмаланып, көзөнөгү тазаланган. К. суук тийген

(жел турган) жерге оңко (мед. айнек банка) сыяктуу коюлган; ооруган жерге К-тын жоон учун коюп, ичке учунан абаны сордуруу жолу м-н дөмнөйтүп, устара м-н чегип кан алуу үчүн да колдонулган.

КАРУЗО Энрико [25. 2. 1873, Неаполь – 2. 8. [illegible], ошол эле жер] – итал. ырчы (тенор). Ал-[illegible] «Нуово» театрында опера ырчысы катары [illegible]н көрсөтүп, 1895–98-ж. Италиянын көптөгөн шаарларында, 1900–01-ж. Миландын «Ла-Скала» театрында ырдаган. 1903–20-ж. Нью-Йорктун «Метрополитен-опера» театрынын солисти. 1898-жылдан дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө (Россияда – 1898, 1900) гастролдо болгон, Италияга жыл сайын барып турган. К. дүйнөдөгү даңазалуу опералык ырчылардын бири катары мыкты партияларды [Герцог, Манрико, Радамес (Ж. Верди «Риголетто», «Трубадур», «Аида»), Фауст (А. Бойто «Мефистофель»), Рудольф, Каварадосси, де Грие (Ж. Пуччини «Богема», «Тоска», «Манон Леско»), Хозе (Ж. Бизе «Кармен») ж. б.] аткарган. Неаполитан ырларын да өзгөчө берилүү м-н ырдаган. К. фортепьянодо, гитарада, флейтада, трубада ойногон, таланттуу карикатурист да болгон.



Э. Карузо Манрико-нун партиясында. Ж. Верди, «Трубадур».

КАРФАГЕ́Н (финикийче К а р т х а д а ш т – жаңы шаар) – Түн. Африкадагы байыркы кул ээлик шаар-мамлекет. Ал б. з. ч. 7–4-к-да Түн. Африканын жээк бөлүктөрүн, Түш. Испаниянын ж-а Жер ортолук деңиздеги айрым аралдарды бийлеп турган. К-ди б. з. ч. 825-ж. Тир ш-нан чыккан финикиялык колониячылар негиздеген. Геогр. абалынын ыңгайлуулугу анын ири соода борбору болушуна шарт түзгөн. Кол өнөрчүлүк м-н ири кул ээлиги (а. ч-нда) кеңири өнүккөн. К-ге баш ийген калктар Карфаген бийлөөчүлөрүнө натуралай салык берип, финикиялык колониялар соода кылганы үчүн бажы төлөп турушкан. Б. з. ч. 3-к-дын башында Сицилия бүт бойдон (Сиракузыдан башкасы) К-дин карамагына өткөн. Сицилия 1-Пуни согушу (264–241-ж.) мезгилинде К. м-н Римдин ортосунда талашка түшкөн. Бул талашта К. жеңилип, Сицилиядан баш тарткан. Б. з. ч. 3-к-дын 30–40-жылдарында К-де бийлик Гамилькар Барка башкарган демокр. топтун колуна өткөн. Б. з. ч. 237- ж-а 219-ж. К-ди бийлөөчүлөр өз мамлекетинин согуштук күч-кубатын чыңдоо м-н эле чектелбей, Испанияда ээлеген жерлерин кеңейтүүгө жетишкен. Б. з. ч. 219-ж. К. башкаруучусу Ганнибалдын Сагунта ш-н курчап алышы 2-Пуни согушунун (б. з. ч. 218–201) чыгышына себеп болгон. К. бийлөөчүлөрү Замда (б. з. ч. 202-ж.) жеңилген соң Рим м-н тынчтык келишим түзүүгө аргасыз болуп, Испаниядагы бийлигинен ажыраган. Римдиктер К-дин экон. жактан кубаттанып кетишинен кооптонушуп, 3-Пуни согушун (б. з. ч. 149–146-ж.) ачкан. Мында К. аскери жеңилип, калкы кулдукка сатылган. К. аймагынын бир бөлүгү нумидиялыктарга өткөн, калганы Римдин Африкадагы провинциясына айланган.

Ад.: *Циркин Ю. Б.* Карфаген и его культура. М., 1986; *Шифман. И. Ш.* Карфаген. СПб., 2006.

КАРШИ́ (1926–37-ж. Б е к - Б у д и) – Өзбекстандын түш.-чыгыш бөлүгүндөгү шаар. Кашка-Дарыя вилаетинин адм. борбору. Кашка-Дарыянын боюнда, Карши талаасында, Кунгур-Тоо дөңсөөсүнүн этегинде жайгашкан. Калкы 254,0 миң (2008; калкынын саны б-ча вилаеттеги 2-шаар). Эл аралык аэропорту бар. Жеңил (а. и. пахта тазалоочу, текстиль, тигүү), тамак-аш-татымал (а. и. май экстракты) ө. ж., курулуш материалдар ишканалары иштейт. Пед. ин-т, край таануу музейи бар. 14-к-да пайда болгон. Көк-Күмбөз мечити (16-к-дын аягы) сакталган.

КАРШИ́ ТАЛААСЫ – О. Азиянынын түштүгүндөгү (Өзбек Респ-ндагы) күдүрлүү түздүк, Кашка-Дарыя обл-нда. Чыгышынан Заравшан ж-а Ысар кырка тоолорунун этектери, батышынан Сандык кумдуу чөлү м-н чектешет. Бийикт. 600 *м*ге чейин. Климаты кургак, жылдык жаанчачыны 200–400 *мм*. Кашка-Дарыя ж-а Карши сугат каналы м-н сугарылат. Шыбак-баялыштуу өсүмдүктөр басымдуу. Дан эгиндер, пахта эгилет. Чыгыш бөлүгүндө Карши ш. жайгашкан.

КАРШЫЛЫК ЗАКОНУ (логикада) – формалдуу логиканын негизги закондорунун бири. Ал б-ча бир эле мезгилде бири бирин тануучу (жокко чыгаруучу) эки ой-пикир тең чындык боло албайт. К. з-н биринчи Аристотель ачкан. Бул законду сүйлөм бир эле мезгилде чын ж-а калп боло албайт деп ырастоого болот. Ой жүгүртүүдө ж-а ил. теорияларда формалдуу карама-каршылыкты колдонуу зыяндуу. К. з. объектинин сапатынын ойдо чагылышы болуп эсептелет. Анткени объект бир эле мезгилде бири бирин тан-

ган касиеттерге (мис., үй бир эле мезгилде бийик да, жапыз да боло албайт) ээ эмес.

КАРШЫЛЫК КӨРСӨТҮҮ КЫЙМЫЛЫ – 2-дүйнөлүк согуштун учурунда (1939–45) фашисттик оккупанттарга ж-а режимге, о. эле Европадагы коллаборационисттерге каршы патриоттук бошт. демокр. кыймыл. К. к. к. фашисттик блоктогу өлкөлөрдө ж-а фашисттер оккупациялаган аймактарда күч алып, буга оккупацияланган өлкөлөрдүн эмиграцияда жүргөн өкмөттөрү, патриоттук уюмдар ж-а партиялар кошулган. К. к. к-нын негизги максаты европ. өлкөлөрдү фашисттик баскынчылардан бошотуу, улуттук көз каранды эместикти калыбына келтирүү ж-а демокр. саясий түзүлүштү орнотуу, прогрессивдүү социалдык кайра түзүүлөрдү ишке ашыруу болгон. К. к. к-на катышкандар (жумушчу, дыйкан, интеллигенция, дин өкүлдөрү, буржуазия ж-а согушта колго түшкөндөр ж. б.) күрөштүн ар кандай формаларын ж-а методдорун колдонушкан: оккупанттардын буйруктарын аткарбоо, фашисттерге каршы үгүт иштерин жүргүзүү, иш таштоо, саботаж, диверсия, массалык демонстрация, партизандык күрөш ж-а куралдуу көтөрүлүш ж. б. К. к. к-на СССР ж-а гитлерге каршы коалициядагы өлкөлөр жардам беришкен (фашисттерге каршы партизандык күрөштү даярдоо, үгүт иштерин жүргүзүү, согуш куралдары ж-а дары-дармектер м-н камсыздоо ж. б.). К. к. к. Югославия, Грекия, Албания, Польша, Франция, Бельгия, Дания, Болгария, Италияда кеңири кулач жайган. Фашисттер басып алган бардык өлкөлөрдөгү К. к. к-нда 2 багыт болгон: 1) коммунисттик ж-а жумушчу партиялар жетектеген радикалдык кыймыл. Алар улуттук-боштондук ж-а өз өлкөсүндө революциялык кайра түзүүлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн оккупанттарга ж-а коллаборационисттерге каршы куралдуу күрөшкө чыгууну көздөгөн; 2) өз өлкөсүнүн көз каранды эместиги үчүн күрөшүүгө, согушка чейинки тартипти калыбына келтирүүгө же либералдык-демокр. түзүлүштү орнотууга умтулган эмиграцияда жүргөн өкмөттөр, бурж. уюмдар ж-а партиялар. К. к. к. өнүгүшүндө бир нече этаптарга бөлүнгөн. 1939-жылдын сентябрынан 1941-жылдын июнуна чейин массалык күрөш уюштуруу, үгүт иштерин жүргүзүү, жашыруун уюмдарды түзүү ж-а чыңдоо, күч топтоо мезгили болгон. 1941-жылдын июнунан 1942-жылдын аягына чейинки мезгил К. к. к-нын күчөшү м-н мүнөздөлөт. Югославия, Польша, Чехословакия, Болгария, Грекия, Франция, Бельгия, Норвегия, Дания, Нидерланд ж-а Италияда оккупанттарга каршы күрөш күч алып, согуштук уюмдар, улуттук-бошт. армиялар ж-а фронттор түзүлгөн. 1942-жылдын аягы – 1944-жылдын жаз айына чейинки мезгилде, Кызыл Армиянын Сталинград ж-а Курск жанындагы тарыхый жеңишинен улам согуштун түп-тамырынын өзгөрүшүнө байланыштуу К. к. к-нын социалдык базасы кеңейип, каршылык акциялары массалык түрдө өткөрүлүп, саясий ж-а социал.-экон. маселелер б-ча программалык-документтер [illegible]телип чыккан. 1944-жылдын жаз айларынан 1945-жылдын май–сентябрь айларына чейин [illegible]ызыл Армия фашисттик баскынчыларга кы[illegible]кыч сокку уруп, сов. аймактан куулп чыгы[illegible]Чыгыш ж-а Түш.-Чыгыш Европа элдерин бош[illegible], союздаштардын куралдуу күчтөрү м-н бирикте гитлердик Германияны талкалаган.

Ад.: Движение сопротивления в Западной Европе, 1939–45. Общие проблемы. М., 1990; Движение сопротивления в странах Центральной и Юго-Восточной Европы, 1939–45. М., 1995.

КАРШЫЛЫК ТЕРМОМЕТРИ – темп-ра өлчөөчү курал. Анын иштеши металл, куйма ж-а жарым өткөргүчтөрдүн электр каршылыктарынын темп-рага көз карандылыгына негизделген. Таза металлдардан (мис., Pt ж-а Cu) жасалган. К. т. электр өткөрбөс материалдан жасалган каркаска оролгон металл зым же тасма түрүндө болот. Платина К. т. – 263төн 1064°Сге чейин, жезден жасалганы – 50дөн 180°Сге чейинки, ал эми жарым өткөргүчтүү К. т. (көмүртек, германий ж. б.) төмөнкү темп-раны (0,1–100К) өлчөөдө потенциометр, логометр ж. б. м-н чогуу колдонулат.

КАРЬЕ́Р (фр. carrе́re – таш чагылуучу жай) – ар кандай кенди жер үстүнөн ачык казып алуучу тоо-кен о. ж-нын ишканасы; кен казып алынуучу жер. Таш казылып алынган алгачкы ири К-лер Байыркы Египетте (пирамида ж-а храм комплекстерин курууда) пайда болгон. Кийинчерээк, антикалык доордо мрамор К-де казылып турган. 2000-ж. курулуш материалдардын 95%и, темир кенташынын 90%и, күрөң ж-а таш көмүрдүн 65%тейи К-ден казылып алынган. Азыркы учурда К. – өндүрүштүк машиналар жабдылган, жогорку деңгээлде механикалаштырылган ишкана (уратуу, жүктөө, ташуу ж-а түшүрүү ж. б.). К-де жардыруу колдонгон ж-а жарылгыч заттарсыз иштеген – карьер комбайндары ж. б. түрлөрү кеңири колдонулууда. Жардыруу үчүн жанында даярдалган көбүнчө тротилсиз жардыргыч заттар колдонулат. Ал эми жардыруу иштери кыйын болгон жерлерде заводдо даярдалган майда тротил жарылгыч заттары пайдаланылат. К. бир нече тектирден ж-а тектирчелерден туруп, блокторго бөлүнөт. Үстүнөн төмөн карай иштетилет. К-дин өндүрүмдүүлүгү өтө зор. Суткасына 10 миңдеген *т* дан көмүр казып алууга болот. Кээде көмүр 350–500 *м* терендиктен казылат. Тоо тектерди, кенташтарды, көмүрдү ж. б. жардырган кезде, ичтен от алуучу механизмдер иштегенде, газдардын бөлүнүп



Кум-Тор карьериндеги иш процесси.

чыгышынан, талкаланган тектер м-н кенташтардын урашынан зор көлөмдөгү зыяндуу газдар ж-а чандар болүнүп чыгып, К-дин атм-сын булгайт. Аба м-н аралашып, анда иштеп жаткан жумушчулардын ден соолугуна чоң зыян келтирет. Мындай булганган атм-ны тазалоо үчүн К-ди тынымсыз желдетип туруу зарыл. Табигый ж-а жасалма жол м-н желдетүү иштери жүргүзүлөт. Табигый желдетүүдө ылдамдыгы 2–4 *м/сек*га жеткен жерг. шамал же термиялык ыкма колдонулат. Термиялык ыкмада жылуу аба жеңил болгондуктан, жогору көтөрүлүп, муздак аба төмөн түшөт. Натыйжада аба алмашат. Табигый желдетүүдө терендиги 200 *м*ге жеткен К-дин булганган абасын тазартууга болот. Андан терең болсо жасалма желдетүү талап кылынат. Анда атайын желдеткичтер колдонулат. Бир эле К. м-н иштетилүүчү кен тулкусу, көмүр катмары карьер талаасы деп аталат. Талаанын уз. жүздөгөн *м*ден 2–4 *км*ге жетет. Туурасы көмүр катмарынын жантаюу бурчу м-н терендигине көз каранды. Талаанын үстүнкү бети К-дин капталдары м-н чектелет. Асты анын таманы болуп саналат. Талаага геол. планда көрсөтүлгөн кен тулкусу, анын ачык түрдө үнөмдүү казылып алынуучу өлчөмү кирет. Түз, тегиз, бир аз жантайынкы орун алган көмүр катмарын казып алуу иши талаанын аянтына, жүргүзүлүп жаткан иштин темпине, механизмдердин тездигине, жүктөп ташуу процесстерине көз каранды. Аянты 10–40 $км^2$ге жеткен К. талаасындагы кен тулкусу 2–10 млрд $м^3$ге барабар келет.

К-де кен байлыктарды ачык казып алууда, ташууда карьер транспортунун мааниси зор. Негизги жүк – кенташ, көмүр, тоо тектер. Буларды кен казып алып жаткан жерден жүктөп, кен ылгоо ф-касына, кен талкалоочу цехтерге, кен топтоочу пункттарга же таштандыга жеткирүү керек. Жылына млндогон *т* жүк ташылат. Бул процесс бардык тех. иштерди камтып, көп каражат жумшалат. Транспорт өз ичинен үзгүлтүктүү ж-а үзгүлтүксүз эки топко болүнөт. Үзгүлтүктүү транспортко т. ж., автомобиль, жүк көтөргүчтөр, крандар кирет. Конвейер, асма жол, гравитация, транспортёр, жүктөгүч машиналар, таштанды топтогучтар үзгүлтүксүз транспортко кирет. Айрым учурда комбинацияланган транспорттор да колдонулат. Казуучу, ташуучу механизмдер (скреперлер, жүктөгүчтөр, бульдозерлер) да иштейт. Жумшак, жеңил казылуучу кендер конвейер м-н үзгүлтүксүз ташылат.

Автотранспорттор (өзү төккүч автомобилдер) комплекстүү тех. процесс болуп саналат. Ар кандай жабдуулар, приборлор, аспаптар ташылат. Жүк көтөрүү кубаттуулуктары 27 *т* дан ашкан өзү төккүч автомобилдер колдонулат. К-де казылган кендерди, тоо тектерин өзү кыймыл-аракетке келүүчү механизмдер – жүктөгүчтөр сузат, көтөрөт, жүктөйт. Тоо тектерин таштандыга төгөт. Доңголоктүү, т. ж-дуу, каз тамандуу жүктөгүчтөрдөн турат. Электрдик ж-а автожүктөгүчтөр да колдонулат. Жер казат, дүмүр оодарат, жол салат, токой кыят. Туруктуу аракеттегилери мех., электр-мех. же электр-гидравликалык туташтыруу аркылуу ишке киргизилет.

К-де казылган кенташтарды, тоо тектерди бир жерден экинчи жерге ташууда автоматтык жүк түшүрүүчү, өзү жүктү оодаруучу автомобилдер пайдаланылат. Анын негизги болүктөрүнө кыймылдаткыч, шасси, кузов кирет. Мында гидромех., электр-мех. трансмиссиялар (мотор, редуктор, дөңгөлөк) колдонулат. Жүк артка оодарылып төгүлөт. Жүк көтөргүчтүгү, кубаттуулугу, дөңгөлөктөрүнүн формасы, кузовунун чондугу б-ча бир топ түрдөн турат. Мис., МАЗ-525 (25 *т*), БелАЗ-548 (40 *т*), БелАЗ-549 (75 *т*) ж. б.

Ад.: *Трубецкой К. Н., Красноянский Г. Л., Хронин В. В.* Проектирование карьеров. Т. 1–2. М., 2001.

Ш. Мамбетов.

КАРЬЕРДИ ЖЕЛДЕТҮҮ, к. *Карьер.*

КАРЬЕР ТАЛААСЫ, к. *Карьер.*

КАРЫБАЕВ Сакиш (23. 11. 1949-ж. т., Ысык-Көл обл., Түп р-ну, Түп айылы) – экономика илимд. доктору (2003), география илимд. кандидаты (1986). Жаратылыш ресурстарын сарамжал пайдалануу маселелери б-ча адис. Пржевальск мамл. педагогика ин-тун (1976), М. Ломоносов атн. ММУнун аспирантурасын (1998) бүткөн. КР Жаратылышты коргоо б-ча мамл. к-тинин ил. кызматкери (1989–90), Каракол башкаруу ин-тунун проректору, ректору (1990–97), КМУнун Караколдогу филиалынын директору (1997–2003), 2003-жылдан И. Арабаев атн. КМПУнун проф. 50дөн ашуун ил. эмгеги, а. и. 3 монографиясы жарык көргөн.

Эмг.: Территориальная организация производительных сил и их влияние на экологическое состояние Кыргызстана. Каракол, 2002; Проблемы экономики и организации природопользования в Кыргызстане. Каракол, 2002; Экономико-организационный механизм

устойчивого развития горной экосистемы Кыргызстана. М., 2003.

КАРЫЗ – мурда түзүлгөн *келишимге* ылайык бир жеке адам же юрид. жак башка жеке адамдарга же юрид. жактарга берүүчү *акча* же башка *активдердин* белгилүү бир суммасы. К. эгер бир жылдан ашык убакытта кайтарылбаса, узак мөөнөттүү болуп саналат. Карыздакордун *төлөөгө жөндөмсүздүгүнөн* улам жабууга мүмкүн болбосо, К. кайтарымсыз болушу мүмкүн. Жеке адамдардын К-ына *күрөөлүк*, бөлүп төлөнмө *кредит*, банк *ссудалары* ж-а *овердрафт* кирет. *Мамлекеттик карыз* узак мөөнөттүү *облигациялар* ж-а кыска мөөнөттүү казыналык векселдер түрүндө болушу мүмкүн.

КАРЫМШАКОВ Абдыкадыр (1898, Жалал-Абад обл., Сузак р-ну, Алмалы-Булак кыш. – 1979, ошол эле жер) – малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Эмгек жолун 1930-ж. Ош облнун Сузак р-нундагы Алмалы–Булак колхозунда колхозчу болуп иштөөдөн баштаган. 1946-жылдан жылкычы болуп иштеген. Жылкы чарбасын өнүктүрүүдө мыкты ийгиликтерге жетишип, 1948-ж. 50 бээден 50 кулун алып, аман асыраган. 1947–51-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Ленин ордени м-н сыйланган.



КАРЫМШАКОВ Абдыкасым (1913, Жети-Суу обл., Пржевальск уезди, (азыркы Ысык-Көл обл., Түп р-ну) Күрмөнтү кыш. – 6. 8. 1997, ошол эле жер) – Даңк орденинин толук кавалери, учкуч-аткыч. 1941-жылдын сентябрынан Сов. Армияда. Улуу Ата Мекендик согушта (1941–45) Түш., 4-, 1-Украин ж-а Беларусь фронтторунда салгылашып, Таганрог, Мелитополь, Жанкой, Севастополь үчүн болгон уруштарга катышкан. Витебск, Борисов ш-н бошотууга, Сандомир плацдармын ээлөөгө, Кёнигсберг ш-н алууга, Чыгыш Пруссияны фашисттерден тазалоого катышкан. Крым үчүн салгылаштагы эрдиги үчүн 3-даражадагы Даңк орденине, Чыгыш Пруссия операциясына катышканы үчүн 2- ж-а 1-даражадагы Даңк орденине татыктуу болгон. Согуш убагында 203 согуштук учуш жасап, душмандын 7 самолётун атып түшүргөн. Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз, 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Түп ж-а Күрмөнтү айылдарындагы бирден көчө анын ысмы м-н аталат.



КАРЫМШАКОВ Ракым (1936-ж. т., Ысык-Көл обл., Ак-Суу р-ну, Отуз-Уул айылы) – физик, физика-математика илимд. доктору (1995), проф. (2001). КМУну (1961), СССР ИАнын Физ.-техника ин-тунун аспирантурасын (1968, Ленинград) бүтүргөн. 1961-жылдан ме[illegible]те мугалим, ФПИде ассистент, ФПИнин фи[illegible]ында инженер (Россия, Гатчина ш.), ФП[illegible] доцент, кафедра башчысы, КМУУда про[illegible]й ун-тинде проф., 2000-жылдан «Дастан» [illegible]н-тинде да проф. Жарым өткөргүчтөр, опт[illegible]-а конденсацияланган нерселер физикасы [illegible] адис. 80ден ашык ил. эмгеги, а. и. 2 моногр[illegible]ия, 1 ойлоп табуусу, 1 сөздүк, 5 окуу китеби жарык көргөн.

Эмг.: Оптические и магнитооптические свойства некоторых тройных полупроводниковых кристаллов. Б., 1994; Жарым өткөргүчтөрдүн магнитоптикалык ж-а электроптикалык касиеттери. Б., 1996; Жарым өткөргүчтөрдүн оптикасы. Б., 1999.

КАРЫН – тамак сиңирүү органдарынын азыкты хим. ж-а мех. жактан иштетүүчү кеңейген жери. К. бардык омурткалууларда ж-а көпчүлүк омурткасыздарда болот. Ал бездүү (тамак сиңирүүчү) ж-а булчуңдуу (майдалоочу) болуп бөлүнөт. Курт-кумурскаларда майдалоочу К. жакшы өөрчүгөн, ал эми бездүү К. айрымдарында гана болот. Ийне терилүүлөрдөн деңиз лилиясында, деңиз жылдызында өөрчүгөн. Оймок ооздуулар м-н кээ бир балыктарда өзүнчө мүчө болуп бөлүнгөн эмес. *Жерде-сууда жашоочулар* м-н *сойлоочуларда* даана бөлүнгөн. *Куштардын* К-ы бездүү ж-а булчуңдуу бөлүктөн турат. Булчуңдуу К-дагы майда таштар, кумдар жемди майдалайт. Кепшөөчүлөрдүн К-ы татаал түзүлүштүү, 4 бөлүктөн (карын, таз карын, тогуз кат, жумур) турат. Адамдын К-ы ич көндөйүнүн жогорку бөлүгүндө орун алган. Сол жагында көк боор, астында *уйку бези* жатат. К-дын көлөмү ж-а анат. түзүлүшү адамдын жашына, жынысына жараша болот. Орто жаштагы кишинин К-ынын уз. 25–30 *см*дей болуп, 2,5–3 *л*дей суюктук батат. Анын капталы 3 катмардан турат: сырткы катмары жалтырак жука чел кабыктан, ортоңку катмар узун ж-а туурасынан кеткен жылма булчуң талчаларынан, ички катмар былжырлуу суюктук, пепсин ферментин ж-а туз к-тасын бөлүп чыгаруучу бези бар былжыр челден. Булчуң катмары жыйрылып ж-а бошоңдоп, К-га келген тамакты аралаштырып эзип, өлчөмү м-н аз-аздан он эки эли ичегиге чыгарат. Тамактын хим. жактан өзгөрүүсү *карын зилинин* [illegible]асири м-н жүрөт. Ичкен тамак-аш кишин[illegible]-ында 3–8 саат сакталат. К-дын функция[illegible]рв ж-а гумор факторлору жөнгө салат. О. э[illegible]ын иштеши суу ж-а туз алмашууга, бойр[illegible]*ки секреция* бездеринин кызматына, кан айла[illegible]ж. б. процесстерге байланыштуу.



Карын: 1 – кызыл өңгөч; 2 – жалтырак кабык; 3 – булчуңдуу катмар; 4 – былжыр чел; 5 – карындын учу; 6 – он эки эли ичеги.

КАРЫ[illegible]кой-эчкинин идиш катары пайдаланылга[illegible]рыны. Союлган малдын К-ын кайнак суу[illegible] жыдытып, туздап, үйлөп, кургатып ж-а ийлеп, ага май ж-а ар түрдүү азыктар, кээде эт да сакталган.

КАРЫНДАШ – эркектин өзүнөн кичүү кыз бир тууганы; өзүнөн кичүү жалпы эле кыз-келиндерге эркектин кайрылуучу сөзү.

КАРЫНДЫЗ (Inula) – өсүмдүктөрдүн татаал гүлдүүлөр тукумунун уруусу. Көбүнчө эки, кээде көп жылдык чөп, чанда бадал. Жалбырагы бүтүн жээктүү, кезектешип жайгашкан. Себети бирден же бир нечеси биригип, калкандай татаал топ гүлдү түзөт. Гүлү сары, четкилери тилдей, ортоңкулары түтүктөй түзүлүштө. Жер жүзүндө 150–200дөй түрү Евразия, Африка ж-а Жер ортолук деңиз аймагында таралган. Кырг-нда 6 түрү белгилүү. Бийик К. м-н чөп К. медицинада дары катары колдонулат. Алардын тамыр-сабагында инсулин, эфир майы, полисахариддер бар.



КАРЫН ЖАНА ОН ЭКИ ЭЛИ ИЧЕГИНИН ЖАРАСЫ – адамдын карыны м-н он эки эли ичегисинде көп жолугуучу оору. Көбүнчө 25–50 жаштагы эркекте кездешет. Ага нерв-психикалык күч келүү, туура эмес тамактануу, тамеки чегүү, ичкилик ичүү ж. б. түрткү берет. Өткүр татымалдар, алкоголь ж. б. карындын былжыр челин дүүлүктүрүп, карын зили көп болүнүп чыккандан жара пайда болот. Тамекидеги никотин карындын кан тамырларын ичкертип, кан айланууну бузат. Мында тамак ичкенден кийин же ачка болгондо, карын туш ооруйт. Кээде тамактангандан 2–3 саат өткөндөн кийин зарна болот, кекирип, жүрөгү айланып кусат. Он эки эли ичегинин жарасында ич катат. Бул оору жаз ж-а күз айларында күчөп, оорулуу ишке жөндөмдүүлүгүн жоготот. Кээде кабылдап кетет. Карындын жаралуу капталы тешилип, ич көндөйү сезгенет (перитонит). Бул учурда тезинен операция жасоо талап кылынат. Жарадан *кан агуу* да анын кабылдоосу болуп саналат. Оорулуу капысынан алсырайт, муздак тер басат, кээде эстен танып, кусат, ичи өтүп, заңы кара түстө болот. Бул белгилеринен тышкары карын м-н он эки эли ичегини рентген аркылуу изилдөө, *гастроскопия* жасоо м-н оору аныкталат. Дарылоодо *диета* ж-а эмгек м-н эс алууну айкалыштыруу, дарыны туура пайдалануу, нерв-психикалык чарчоодон ж. б-дан сактануу сунуш кылынат. Алдын алууда бала күндөн туура тамактануу, тамеки чекпөө, ичкилик ичпөө керек, кээ бир дарыны (аспирин, бутадион, преднизолон ж. б.) баш аламан кабыл алууга болбойт.

КАРЫН ЗИЛИ – карын былжыр челинин бездери бөлүп чыгаруучу түссүз, кычкыл суюктук. Анын курамында ферменттер, туз к-тасы, былжыр, минералдуу туздар болот. Ферменттер тамак сиңирүүгө катышат. Туз к-тасы тамак-ашты жумшартып, ферменттерди активдештирет, микроорганизмдерди өлтүрүп, уйку безинин фермент иштеп чыгаруусуна, тамак сиңирүүчү гормондордун пайда болуусуна түрткү берет. К. з-нде туз к-тасынын аз же көп болушу анын кычкылдуулугун аныктайт. К. з. тамак ичпей турганда болүнөт. Тамак оозго же карынга түшкөндө же адам тамакты көргөндө, жытын сезгенде, тамак ж-дө сөз болгондо да бөлүнө баштайт. Тамактын жагымсыз жыты же түрү анын бөлүнүшүн токтотот же азайтат. К. з-нин курамын изилдөө ооруну аныктоого жардам берет.

КАРЫН-КАРТА – жылкынын ич эти. Жылкынын майлуу жоон ичегиси – карта. Башка малдыкына караганда жылкынын карыны ширелүү, калың майлуу, жегиликтүү болгондуктан, улуттук чүйгүн тамак катарында бааланат.



КАРЫПКУЛОВ Аманбек (19. 6. 1939, Талас обл., Талас р-ну, Кара-Суу айылы – 15. 10. 2008, Бишкек) – философ, парт. ж-а мамл. ишмер, философия илимд. доктору (1983-ж.), проф. (1994), КР УИАнын академиги (2000), корр. мүчөсү (1979), КРдин илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (1998). Талас айылдык кесипчилик-тех. окуу жайын (1957), Пржевальск пед. ин-тун (1962) бүткөн. 1962–64-ж. Пржевальск пед. ин-тунда окутуучу, 1967–68-ж. КМУнун философия кафедрасында окутуучу, 1968–73-ж. Кырг-н КП БКнын илим ж-а ЖОЖ бөлүмүнүн инструктору, бөлүм башчынын орун



басары, 1973–83-ж. бөлүмдүн башчысы, 1983–85-ж. Кырг-н КП БКнын секретары, 1985–86-ж. ФПИде ил. коммунизм кафедрасынын профессору, 1986–92-ж. Кыргыз педагогика ил.-из. ин-тунун жетектөөчү ж-а башкы ил. кызматкери, 1992–96-ж. Кыргыз энциклопедиясынын башкы редактору ж-а аны м-н кошо 1994–96-ж. КР мамл. «Акыл» концернинин башкармасынын төрагасы, 1996–2001-ж. КР улуттук телерадио к-тинин президенти, 2001–02-ж. КР Президентинин администрация башчысы, 2002–05-ж. КРдин Түркия ж-а Македониядагы атайын ж-а толук ыйгарымдуу элчиси, 2005–08-ж. КРСУнун Билим берүү ж-а мад-т борборунун директору болуп иштеген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин бир нече жолу чакырылышынын депутаты, Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрагасы (1985). 80ден ашуун ил. эмгектин (а. и. 8 монография) автору. Эмгектери негизинен өнүккөн социализмдин маданий жактан өнүгүү маселесине, совет элинин калыптануусунда илимдин ж-а жалпы билим берүүнүн ролуна арналган. 2 Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Эмг.: Народное образование в развитом социалистическом обществе. Ф., 1982; Изучение русского языка и народное образование в Советской Киргизии (на англ. яз.). США, 1985; Өнүккөн социалисттик коомдо элге билим берүү. Ф., 1985; Интернациональное воспитание в средней школе в условиях обновления общества. Б., 1991.

КАРЫШКЫРЛАР (Canis) – жырткыч сүт эмүүчүлөрдүн ит сымалдар тукумундагы уруусу. Дене уз. 70–160 *см*, куйругунун уз. 20–50 *см*. Буттары узун, жылына 2 жолу түлөйт. 6 түрү Евразия, Африка, Америка, Гренландияда кездешет. КМШ өлкөлөрүндө 2 түрү бар. Жаныбарлар м-н азыктанат. Көбүнчө мал жайытында, талаа, чөлдө жашайт. Түсү сур, тундра К-ы куу, чөл К-ы саргыч. Өмүр бою жубу м-н, кээде кышкысын үйүр болуп жүрүшөт. Ыландаган же өлгөн жаныбарды жеп, санитар ролун аткарат; табигый биоценоздо туяктуулардын санын жөнгө салып турат. 62–75 күн көтөрүп, 3–13 (демейде 4–6) бөлтүрүк тууйт. Бир айдан кийин аларды эт жегенге үйрөтөт. Күзүндө эле бөлтүрүктөр чоңдор м-н кошо жашап, жаныбарларга кол салат. Мал чарбасына зыян келтирет.



КАСАБА – 1) бир жак бети жарданып калган, кыр тарткан кар катмары; 2) к а с а б а м ө ң г ү, а с ы л м а м ө ң г ү – бийик тоонун тик капталдарында жайгашкан мөңгү. Мөңгү тоонун этегине жетпей бүтөт, ошондуктан ал тоо капталында асылып же салаалы тургандай көрүнөт. Асылма мөңгүлөр курсалыл шарттарда, тоолордо таралган. Көчкү жолуз көчкүлөр мүнөздүү. Тоо капталынын тамынында муздар пайда болот. Асылма мөңгүлөр Тоо-Тоодо кездешет; 3) к а с а б а – *асаба*, сойрак, желек, *туу*.

КАСАБЛА́НКА – Марокконун батышындагы шаар. Касабланка обл-нун адм. борбору. Атлантика океанынын жээгинде жайгашкан. Калкы 3,2 млн (2008). Эл аралык аэропорту бар. Жолдор тоому. Өлкөдөгү эң ири порт (жылына 25 млн *т* жүк ташылат). 7-к-дан Анфа деген ат м-н эскерилет. Шаардын эски бөлүгү (Эски Медина) айланта дарбазалуу дубалдар ж-а бастиондор м-н курчалган. Кууш көчөлөрүндө мечиттер, кумпалуу күмбөздөр ж-а соода жайлары жайгашкан. Океанга жакын жерде Хасан



Шаардын жалпы көрүнүшү.

IIнин мечити (1986–93; Улуттук музей, медресеси, китепканасы м-н; кызгылтым граниттен салынган, кооз, 78 колонналуу намазга жыгылуучу жайы бар; дүйнөдөгү эң бийик минареттердин бири, бийикт. 210 *м*дей), шаардын жаңы бөлүгүндө кенен аянттар, парктар, фонтандар ж-а көп кабаттуу үйлөр ж. б. салынган. ИИИлер (а. и. Пастер, балык, океан, биология ж-а биохимия ж. б.), ун-ттер (Хасан II ж. б.), консерватория, жогорку мектептер, китепканалар, музейлер (а. и. иудаизм), театрлар бар. К. – өлкөнүн ири финансы, соода ж-а ө. ж. борбору. К-да Фонд биржасы (көлөмү 19 млрд доллардан ашык; 2006), Марокконун ж-а чет өлкөлөрдүн ири банктарынын башкы офистери, өкүлчүлүктөрү, көп улуттук компаниялардын штаб-квартиралары жайгашкан. Машина куруу, нефть ажыратуу, текстиль, тамак-аш (балык ж-а деңиз азыктарын белендейт), хим., цемент, тамеки, айнек эмерек ө. ж. ж-а курулуш материалдар ишканалары иштейт. Балык кармалат. К-га жакын Булауан чебинин калдыктары сакталган. Жыл сайын эл аралык ярмарка өткөрүлүп турат.

КАСА́Н (төмөнкү агымында – К в а) – Ангола м-н Конгодогу (Киншаса) дарыя. Конго (Заир) д-нын ири сол куймасы. Уз. 2000 *км*дей, алабынын аянты 880,2 миң *км*². Лунда платосунун капталат да, анын түн. капталы ж-а Конго [illegible]у аркылуу агат. Нугунда босоголор м-н [illegible]атмалар көп. Негизги куймалары: Лулуа, [illegible]муру, Фими-Лукение (оң), Кванго (сол). [illegible] сентябрь–октябрдан майга чейин кирет. Орт. чыгымы 10 миң *м*³/*сек* (эң азы 5 миң *м*³/*сек*, кеб. 20 миң *м*³/*сек*га чейин). Балык кармалат. Чатынан 750 *км* аралыкка чейин кеме жүрөт. Ири пристаны – Илебо [Конго (Киншаса)].

КАСАН-САЙ – Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталынан башталган суу. Ала-Бука р-нунун аймагында. Уз. 75 *км*, алабынын аянты 1780 *км*². Жогорку агымында Чаткалды-Сай аталып, өрөөнү кууш. Касан-Сай кыш. ченде түштүктү карай агып, Нарын д-на жетпей сугатка бөлүнүп кетет. Өрөөнүндө Орто-Токой суу сактагычы курулган (1947). Ортоңку ж-а төмөнкү агымы адырлуу ойдуң м-н агып, Төрө-Коргон кыш-нан ары салааларга ж-а каналдарга бөлүнөт. Ири куймалары: Терек, Өрүктү ж-а Ала-Бука. Төмөнкү агымында Кукумбай, Чуст, Аксы-Сай ж. б. каналдар курулган. Жылдык орт. чыгымы 11,7 *м*³/*сек*, эң көбү июнда (53,1 *м*³/*сек*), эң азы мартта (2,16 *м*³/*сек*) байкалат. Апрелде кирип, октябрда тартылат. Жээгинде Касан-Сай, Төрө-Коргон, Каттаган, Кукумбай кыш. жайгашкан.

КАСАН-САЙ СУРЬМА́ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Чаткал р-нунда, Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталындагы Касан-Сай суусунун сол өйүзүндө, деңиз деңг. 1420–1700 *м* бийикте. 1934-ж. табылып, 1936–72-ж. мезгилмезгили м-н чалгындалган. Кен аймагын протерозой заманынын аягында пайда болгон акиташ м-н сланецтер түзөт. Кенташ негизинен бул тектердин кошулган жеринде, кээде акиташ тегинин арасындагы брекчия кабаттарында кезигет. Кенташ кабатча түрүндөгү барит, кварц, кальцит, антимонит, сфалерит ж-а сейрек кездешүүчү минералдардан турат. Брекчия кремнийлүү тектердин сыныктарынан түзүлүп, кварц, антимонит, кээде барит, кальцит м-н цементтелген. Кенташ тулкуларынын уз. 30–300 *м*ге созулуп, калыңдыгы 0,7–7,0 *м*ге жетет. Кен герцин металлогениялык доорунда гидротермден пайда болгон. Сурьманын орт. өлчөмү 3,48%. Кенташтын запасы C_2 категориясы б-ча 1123 миң *т*, сурьманыкы 39087 *т*.

КАСИЕВ Накен (5. 9. 1947-ж. т., Нарын обл., Ат-Башы р-ну, Ак-Муз айылы) – саламаттык сактоо ишмери, коомдук ишмер, медицина илимд. доктору (2000), проф. (2004). КРдин эмгек сиң. врачы (1994). КММИни бүтүргөн (1970). Ош ш-дык ооруканасында, Прикарпат аскер округунун (1971–73), Ош ш-ндагы 4-Башкы башкармалыгынын ооруканасында врач (1973–75), Майлы-Сай (1975–81), Токмок ш-дык Башкы башкармалыгынын ооруканасында (1981–86) башкы врач, Нарын обл. саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы (1986–89), КРдин саламаттык сактоо министринин орун басары (1989–91), министри (1991–96), Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун (ВОЗ) Европа региондук бюросунун президенти. КРдин Жогорку Кеңешинин депутаты (1990–95). КРдин Мамл. катчысы (1988–2000), Ош обл-нун губернатору (2000–05), 2009-жылдан Улуттук Онкология борборунун директору. Саламаттыкты сактоону уюштуруу б-ча адис. 40тан ашык ил. эмгеги, а. и. 2 монографиясы бар. «Ардак Белгиси» ордени, «Даңк» (1998) ж. б. медалдар м-н сыйланган.



Эмг.: Медико-демографическое исследование Кыргызкой Республики (1997). Кыргызстан – США. Б., 1988; Здровохранение Кыргызстана (состояние и перспективы развития). Б., 1998. Проблемы репродуктивного здоровья женшин в современных условиях (в соавторстве). Б., 2002.

КАСИЕВ Сапаш (1932-ж. т., Ысык-Көл обл., Ак-Суу р-ну, Маман айылы 24. 11. 2011, Бишкек) – биология илимд. доктору (1986), проф. (1987), КРдин илимге эмг. сиң. ишмери (1993). Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1989). КМУну бүтүргөн (1957). Кыргыз ССР ИАнын Биология ин-тунда кенже, улук ил. кызматкер (1957–84), КМУда кафедра башчысы (1983–99), КР УИАнын Биология ж-а топурак таануу ин-тунун директору болуп (1999–2003) иштеген. 2003-жылдан КР УИАнын Зоология музейинин директору. Эл агартуунун отличниги. Эмгектери куштардын мителерин изилдөөгө арналган. 140тан ашык ил. эмгеги, а. и. 4 монографиясы бар.



Эмг.: Птицы Киргизии (в соавторстве), 3 том. Ф., 1961; Биологические основы борьбы с вредными грызунами (в соавторстве). Ф., 1968; Пухоеды птиц Средней Азии. Ф., 1971; Фауна и экология паразитических насекомых Кыргызстана. Б., 1992; Зоология беспозвоночных животных. Б., 2002; Зоологический музей НАН Кыргызстана Б., 2006; Красная книга КР (в соавторстве). Б., 2007.

КАСИЕВ Кубанычбек Сапашевич (25. 10. 1957-ж. т., Фрунзе ш.) – биология илимд. доктору (2011). КМУну бүтүргөн (1980). Кыргыз ССР

ИАнын Биология ин-тунда кенже, улук ил. кызматкер (1980–89). КР мамл. жаратылыш к-тинин биотүрдүүлүк бөлүмүнүн башчысы (1990–95), КР айлана-чөйрөнү коргоо министрлигинин биотүрдүүлүктү сактоо башкы бөлүмүнүн башчысы (1996–2001). КР Өкмөтүндө Премьер-министрдин экология б-ча кеңешчиси (2001–05). КР УИАнын Биология ж-а топурак таануу институтунда лабор. ж-а геоботаника б-ча жетекчиси (2006-жылдан). 50дөн ашык ил. иштердин, а. и. 2 монографиянын автору.

КАСИЕТ – нерсенин башка заттардан айырмасын же окшоштугун шарттоочу ж-а алар м-н карым-катнашты аныктоочу филос. категория. К-тер салыштырмалуу болот. Бир эле зат бир нече К-ке ээ ж-а алардын баары биригип, ал заттын өзүнө таандык белгисин ж-а башкалардан айырмаланган өзгөчөлүгүн билдирет. Нерсенин айрым К-ин үйрөнүү анын сапатын билүүнүн баскычы болуп саналат.

КАСКА (испанча casco – баш сөөк, туулга) – адамдын башын калкалоочу атайын баш кийим. Башты снаряд чачырандысы, ок, таш ж. б. нерселерден сактайт. К-ны аскерлер, өрт өчүргүчтөр, курулушчулар, жер астында иштегендер киет. К. металлдан, лакталган булгаарыдан, пластмассадан ж. б. материалдан жасалат. Ал коло доорунда пайда болуп, азыркыга чейин бардык өлкөлөрдүн куралдуу күчтөрүндө пайдаланылат.

КАСКА́Д ТООЛОРУ – Түн. Америка Кордильерасынын батыш тилкеси, АКШнын батышында, бир аз бөлүгү Канадада. Уз. 1000 *км*дей. Негизинен кристаллдык тоо тектерден турат. Кырын өчкөн ж-а аракеттеги жанартоо конустары (Рейнир, бийикт. 4392 *м*); Шаста 4317 *м*; Лассен-Пик (3187 *м*) түзөт. Капталдарын ийне жалбырактуу токой, субальп ж-а альп шалбаасы ээлейт. Мөңгүлүү. Улуттук парктар (Крейтер-Лейк, Маунт-Рейнир, Лассен-Волканик) бар. Аты андан башталган Колумбия, Фрейзер д-нда тепкичтүү шаркыратмалардын (каскад) көптүгүнөн ушундай аталган. О. эле к. *Кордильера тоолору*.

КАСКАДЁР – 1) сахна өнөрүнүн айрым түрлөрүндө (негизинен кинодо) ден соолукка ж-а өмүргө коркунуч келтирүүчү ар кандай трюктарды (бийиктен секирүү, ат ж-а башка айбанаттардын катышуусундагы трюктар, транспорт каражаттарын өтө ылдам айдоо же кагылыштыруу ж. б.) даярдоо ж-а аткаруу; 2) ушул кесипти аркалаган адам. Кыргыз К-лору ар түрдүү, айрыкча ат м-н аткарылуучу трюктарды мыкты аткарышат. Кыргыз К-ру Ү. *Кудайбергенов* Гиннес китебине кирген.

КАСМАМБЕТОВ Сапарбек (30. 5. 1934-ж. т., Ысык-Кол р-ну, Корумду айылы) – белгилүү манасчы, токмо акын, жазуучу. 1972-ж. Каракол ш-ндагы пед. окуу жайын, 1982-ж. Б. Бейшеналиева атн. иск-во ин-тунун фольклор бөлүмүн бүтүргөн. 1964-ж. Балыкчы ш-ндагы мад-т үйүнүн директору, 1968–79-ж. мектепте мугалим, 1979–97-ж. Балыкчы ш-ндагы балдар чыгармачылык борборунда методист, директордун орун басары болуп иштеген. 1997-жылдан баштап борбордо балдар «Манас» сабагын окутуп келет. Манасчынын эскерүүсүнө караганда атасы Касмамбет комузду мыкты черткен, жоргону, кошоктоду түрлөнткөн, эпосу Сайраке да чоң дастандарды, уламыш, жомокторду айткан жамакчы болгон. Ал өзүнүн «Манас» айтып калуусун көпчүлүк манасчылардай эле кереметтүү түш көрүү м-н байланыштырат. «Бала кыялы» (1994), «Эр Кошой» (1994), «Бала Манас баяны» (1998), «Балыкчы баяны» (1998), «Билерик» (2003) аттуу китептери жарык көргөн. КР УИАнын Кол жазмалар фондусунда анын айтуусундагы «Семетей» эпосунун «Кырк чоронун өлүмү» аттуу окуясы жазылып, сакталып турат. 1995-ж. Лондондо Би-Би-Си радиосу уюштурган «Манас» кечесине ж-а 2006-ж. «Түрк тилдүү элдердин музыкасы» аттуу эл аралык ил. конф-яга «Манас» айтып катышкан. 2009-ж. Улуу Британиядагы Азия ж-а Африка изилдөөлөрү б-ча ун-т анын варианты б-ча компакт дисктери м-н коштолгон «Манас» ж-а «Семетей» эпосторунун англис тилиндеги китебин «Семар паблишерс» басмасы тарабынан басып чыгарган. 2010-жылы «Улуу баян» коомдук фонду тарабынан Кыргыз эл манасчысы, 2011-ж. залкар манасчы деген наамдарга татып, «Манас-1000», «Данк» медалдары м-н сыйланган.



КАСПИЙ БОЮ ОЙДУҢУ Каспий деңизинин түн. жээгинде, Чыгыш Европа түздүгүнүн түш.-чыгышында ж-а Батыш Казакстандын аймагында жайгашкан. Аянты 200 миң *км*²дей. Жапыз, түзөң рельефтүү, ички бөлүгү деңиз деңг. 28 *м* төмөн жатат (Европанын эң чуңкур жери); четжакалары 100 *м*ге чейин көтөрүлөт. Туздуу дөнсөөлөр бар (эң бийик жери 149 *м*, Чоң Богдо). Бэр дөбөлөрү (жарыш жаткан жал, дөбөлөр) мүнөздүү (Кума ж-а Эмба д-нын чаттарында). Волга, Терек, Сулак д-нын дельталарын, Урал, Эмба д-нын төмөнкү агымдарын камтыйт. Чыгыш Европа платформасынын синеклизасын ээлейт. Чөл ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү басымдуу. Нефть ж-а газ (Урал-Эмба нефть-газ бассейни) кендери бар; көлдөрүнөн (Эльтон, Баскунчак) кайнатма туз алынат. Астрахань коругу уюшулган.

КАСПИЙ ДЕҢИЗИ, К а с п и й (байыркы ж-а о. кылымдарда Г и р к а н, орус жыл баяндарында Х в а л ы н, Х а з а р деп аталган) – дүйнөдөгү ири туюк көл-деңиз. Европа м-н Азиянын чегинде, негизинен чөл ж-а жарым чөл зоналарында жайгашкан; Россия, Азербайжан, Казакстан, Түркмөнстан ж-а Ирандын жээктерин чулгайт. Батышынан ж-а түштүгүнөн Кавказ, Эльбурс тоолору м-н чектешет. К. д-нин деңгээли океан деңгээлинен төмөн (–27 *м*). 1929-жылдан 1977-ж. чейин Каспийдин деңгээли 25,9 *м*ден 29 *м*ге чейин төмөндөгөн (бул 400 жыл ичиндеги эң төмөнкү чек болуп саналат). 1978-жылдан деңгээли кайра көтөрүлүп, 1995-ж. 26,6 *м*ге жеткен. Аянты (26,6 *м* деңгээлдеги) 390 миң *км*², көлөмү 78 миң *км*³. Деңиздин жазылыгы 200–400 *км*, меридиан б-ча 1030 *км*ге созулат. Түн. бөлүгү тайыз (22 *м*ге чейин), түштүгүндө 1026 *м*ге чейин терендейт. Түн. жээги түзөң, батышы м-н түштүгү негизинен бийик, тоолуу, чыгышы көтөрүнкү; ири булуңдары: Түркмөн-Башы (Красноводск), Түркмөн, Маңкыштак, Казак, *Кара-Богаз-Гол;* батышында: Кизляр, Аграхан, Кызылагаж, Бакы бухтасы; түштүгүнө тайыз лагуналар мүнөздүү. 50дөй чакан (жалпы аянты 2 миң *км*²) аралы бар, алардын көбү түн. бөлүгүндө. Волга, Урал, Кура, Терек, Сулак, Сефидруд ж. б. дарыялар куят. Суусунун кышкы темп-расы түштүгүндө 12°Сге чейин, түндүгүндө 0°Сден төмөн, жайында 23–28°Сге чейин жылыйт. Кышында деңиздин түн. бөлүгү 2–3 айга тоңот. Туздуулугу түн.-чыгышында 12,6–13,6‰, Кара-Богаз-Голдо 300‰ге чейин, Волганын чатына жакын 0,05‰ге чейин азаят. Деңизден балык (осётр, судак, лещ, каныпытыр, килька) көп кармалат; түлөн промысели бар. Нефть ж-а газ казылып алынат. Суудагы нефть продуктуларынын ж-а фенолдордун концент-сы булганууну коопсуз концентрация чегинен (ККЧ) ашык (ККЧ 2ден 16га чейин). Азов, Кара, Ак ж-а Балтика деңиздери м-н ички суу жолдору аркылуу туташат. Башкы порттору: Баку (Азербайжан), Астрахань, Махачкала (Россия), Шевченко (Казакстан), Энзели (Иран), Түркмөн-Башы (Түркмөнстан), Баку ж-а Түркмөн-Башы ш-н т. ж. парому байланыштырат. Каспийдеги углеводород сырьёлорун өндүрүү ж-а балык кармоо ургаалдуу жүргүзүлгөндүктөн, деңиздин экол. абалы кыйла жабыр тарткан; жээктен алыс бөлүгү гана салыштырмалуу туруктуу абалда.

Ад.: Колебания уровня Каспийского моря. М., 1956; Каспийское море. М., 1969; *Гюль К. К., Лаппалайнен Т. Н., Полушкин В. А.* Каспийское море. М., 1970; *Зонн И. С.* Каспийская энциклопедия. М., 2004.



Баку шаарынын жээги.

КАССА АППАРАТЫ – сатуу операциясын көзөмөлдөө үчүн электр-механикалык же электрондук жабдык. Механикалык калькулятордон турат. Заманбап К. а-н көбүнчө *касса терминалы* деп аташат.



КАССА́НДРА – байыркы грек мифологиясында Троя падышасы Приамдын кызы. *Аполлон* К-га олуялык жөндөм берет, бирок өзүнүн сүйүүсүнө жооп ала албаган Аполлон К-нын олуялыгына элди ишенбес кылып таштайт. Ошондон улам аялзаттын эң сулуусу Еленаны (Спартанын падышасы Мелайдын жубайы) уурдоодон баш тарт деген К-нын эскертүүсүнө бир туугану Парис да, троялыктар да ишенбей коюшкан. Бул окуя Троя согушуна ж-а Троя өлкөсүнүн кыйрашына алып келген. Кыргыздын улуу жазуучусу Ч. Айтматов «Кассандра тамгасы» романын жазууда байыркы грек мифологиясындагы К-га байланыштуу окуяларга кайрылган.

КА́ССА ТЕРМИНАЛЫ – каржы иштерин каттоо ж-а эсептөө үчүн компьютерлешкен *касса аппараты*. К. т-нда жасалган ар бир иш сакталып жумуш күндүн аягында текшерилет. К. т-нан алынган маалымат товардын запасын ж-а абалын көзөмөлдөө үчүн борбордук компьютерге берилет. К. т-нын кээ бир түрү автоматтык түрдө акча кайрып берүү жөндөмдүүлүгүнө ээ. К. т-нын түзүмүнө: атайын штрих коддорду окуу м-н андан өткөн товарлар б-ча маалымат берүүчү оптикалык түзүлмө да кирет.

КАССИН Николай Григорьевич [1 (13). 12. 1885, Россия, Киров обл., Гнусино кыш. – 28. 10. 1949, Алматы] – илимпоз, геология-минералогия илимд. доктору (1937), Казакстан ИАнын академиги (1946). СССР мамл. сыйл. лауреаты (1946). Санкт-Петербург тоо-кен ин-тун бүткөн (1913). Негизги эмгектери Казакстандын геол. түзүлүшүн ж-а кен байлыгын изилдөөгө арналган. Казакстандын геол. картасын алгачкы түзүүчүлөрдүн бири. Ал 1914–15-ж. Ысык-Көлгө экспедиция м-н келип, геол., гидрогеол. ж-а гидрогеогр. бай материал чогулткан. Натыйжада азыркы мезгилге чейин өзүнүн актуалдуулугун жогото элек капиталдык эмгек жарык көргөн. Бул эмгегинде, о. эле Чыгыш Казакстандын геологиясына тийиштүү көптөгөн маанилүү маалыматтарды берген. 2 Ленин, I даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Медные месторождения Восточного Казахстана. М.; Л., 1931 (соавт.); Геологическая карта Восточного Казахстана масштаба 1:1 500000. М., 1939; Развитие геологических структур Казахстана. А.-А., 1951–52.

КАССИТЕРИ́Т (гр. kassiteras – калай), калай таш – оксиддер классына кирүүчү минерал. Хим. формуласы SnO_2, *тетрагон системасында* кристалланат. Өңү-түсү боз, саргыч боз, күрөн, саргыч күрөн, кара күрөн, кызгылтым күрөн, кара, кээде түссүз. Катуулугу *Моостун шкаласы* б-ча 6–7. С. салм. 6,5–7,5. Гидротерм, пневматолит процесстеринен пайда болот. Пегматит тарамдарында көп кездешет. Кварц-касситерит, сульфид-касситерит тарамдарында пайда болгондору өн. ж-лык маанилге ээ. Кычкылдануурга, талкалануурга туруктуу. Чачыранды түрдө көп кездешет. Негизги калай кени болуп эсептелет.



КАСТАЛАР (португалча casta – уруу, укум-тукум, тек) – 1) кишилердин өз алдынча обочолонуп жашаган топтору. К-дын кесиби, укугу, коомдогу орду укумдан тукумга өзгөрбөй өтүп турат. К. арасында бир кастадан экинчисине өтүү, кыз алышып беришүү сыяктуу иштер болбойт. Ар бир каста өзүнүн салт-адатын, мыйзамдарын, мурасталган укуктарын ж-а кесипчилигин бек кармоого тырышат. К. эмгектин коомдук бөлүнүшүнөн улам чыккан. Алар байыркы ж-а о. кылымдагы эле бир катар мамлекеттерде болуп, асыресе Индияда катуу өөрчүгөн ж-а узакка сакталган. О. кылымдагы Индияда К. коомдун мурдагы варндарга бөлүнүшүн алмаштырып, феодалдык коомдун иерархиялык түзүлүшүнүн негизине айланган. Алардын коомдогу укугу феодалдык-иерархиялык шатыдагы өзүлөрүнүн алган ордуна жараша аныкталган. К. башында брахмандар ж-а кшатрийлер (раджпуттар) К-ы, алардан соң сүткор К-ы, булардан кийин дыйкандар ж-а кол өнөрчүлөр К-ы, эң акырында жарым кул ж-а жарым крепостнойлор К-ынан турган. Кийинкилер көп сандаган «ыйыктар» К-на кирген. Ар бир кастаны экономика ж-а коомдук иштер б-ча кенешмелер башкарып турган. Индиядагы мындай касталык түзүлүш алгачкы о. кылымда эле өлкөнүн социалдык-экон. өнүгүшүнө кайчы келип, капиталисттик мамилелердин өнүгүшүнөн улам кол өнөрчүлүктү уюштуруу формасы катары К. өз маанисин жогото баштаган. Анткен м-н К. 20-к-га чейин сакталып кала берген. Англ. колониячылар Индиядагы К-лык түзүлүштү «бөл да, деген саясатын жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланган. Индиядагы улуттук-боштондук кыймылын жетектеген М. К. Ганди К-лык дискриминацияга каршы чыгып, К-дын биригүүсүн талап кылган. Индия Респ-сынын 1950-ж. күчүнө кирген конституциясы б-ча К-дын тең укуктуулугу ж-а «ыйыктардын» толук укуктуулугу таанылган. К. Индияда саясий күрөштөрдө колдонулат.

«КАСТАНЬЕ́» МРА́МОР ОНИКСИ КЕНИ Нарын р-нунда, Нарын ш-нан 4–5 *км* батышта, Ала-Мышык тоосунун түн. капталында. Кен аймагын карбон мезгилиндеги акиташ теги түзөт. Оникс карст процессинен пайда болгон Ала-Мышык үнкүрүндө жайгашкан. Үнкүр энкейиштеп 163 *м*ге созулат. Туурасы [illegible] *м*ге, бийикт. 2,5 *м*ге жетет. Оозу кууш (0,7 × [illegible] *м*). Мында оникс жайгашуусу б-ча 3 түргө бөлүнөт: 1) калындыгы 20 *мм*ге жеткен күрөң, чокмор күрөн, жездей сары ж-а чокморлошкон кабатчалар. Блоктуулугу 25×20×20 *см*; 2) сталактит-сталагмит түрүндө үнкүрдүн ооозунан 40 *м* ары кездешет. Жездей сары, күрөн, ак тегерекчелерден турат. Кальциттин аппак майда тарамчалары учурайт. Блоктуулугу 15×15×15 *см*; 3) кораллит түрүндөгүсү үнкүрдүн орто ченинен орун алган. Жара кескенде кочкул кызыл, күңүрт күрөн, күрөн, ак, жездей сары кооз тегерекчелерден турат. Блоктуулугу 10×5×5 *см*. Оникстин бардык түрү өтө кооз, жакшы сайкалданат. Запасы 20 $м^3$. Зергердик кооз буюмдарды жасаса болот.

КАСТРИ́ – Сент-Люсия мамлекетинин борбору, шаар. Кастри округунун адм. борбору. Сент-Люсия а-нын түн.-батыш бөлүгүндө, Кариб деңизинин жээгинде жабык бухтада жайгашкан. Калкы 9,9 мин (2008). Эл аралык аэропорту бар. Деңиз порту (жылына бир мин, а. и. круиздик кемелер тейленет). К. 19-к-дын башында англичандар тарабынан негизделген. 1814-жылдан Улуу Британия ээлигинин аймагында болгон (бул мезгилде Сент-Люсия расмий түрдө Британия ээлиги деп жарыяланган). 1979-ж. чейин формалдуу түрдө гана адм. борбор деп эсептелген. 1979-ж. Сент-Люсия көз каранды эместикке ээ болгондон анын борбору. Собор (1894–1931), Ыйык Троица чиркөөсү, Вест-Индия ун-тинин филиалы бар. Соода кылуунун ири борбору. А. ч. азыктарын белендөөчү (лимон шире си, ром, кант ж. б.) ж-а алкоголсуз суусундуктарды чыгаруучу ишканалары иштейт. Кустардык жол м-н белек-бечкектер даярдалат. Жыл сайын жаз музыкасы фестивалы өткөрүлөт. Туризм (яхтинг, виндсёрфинг ж-а дайвинг) өнүккөн.

КА́СТРО РУС Фидель (13. 8. 1926-ж. т., Биран, Орьенте провинциясы) – Кубанын мамл., саясий ж-а аскер ишмери. Сов. Союз. Баатыры (1963). Гаванада католик коллежин (1945), Гавана университетинин укук ф-тин (1950) бүткөн. 50-жылдардын башында Куба элинин («Ортодокстор») партиясына өткөн. Өлкөдө генерал Фульхенсио Батистанын диктатурасы орногондон кийин (1952, март) ага каршы чакан топ түзүп, 1953-ж. 26-июлда Сантьяго-де-Куба шындагы аскер казармасына



кол салган, бирок ал аёосуз басылып, аскер трибуналынын өкүмү м-н 15 жыл түрмөгө кесилген. 1955-ж. коомчулуктун кысымы б-ча мунапыс алып, Мексикага эмиграцияга кеткен ж-а ал жерде «26-июль кыймылы» аттуу рев-лык топ түзгөн. 1956-ж. декабрда К. Р., иниси – Рауль Кастро, аргентиналык Эрнесто Че Гевара ж-а революционерлер тобу м-н Кубанын Орьенте провинциясына келип, Батистанын диктатурасына каршы партизандык күрөшкө жетекчилик кылган. 1959-ж. 1-январда Кубада рев-я жеңип, Батистанын бийлиги кулаган соң, Куба Респ-нын (1959–76) өкмөтүнүн премьер-министри болгон (1959–[illegible]7). 1965-жылдан Куба КП БКнын 1-секретары, 1977–2008-ж. Мамл. ж-а Министрлер Советинин төрагасы болуп иштеген. К. Р. 1960-ж. Кубадагы АКШ ж. б. чет мамлекеттердин менчиктерин тартып алып, амер-тардын 850 млн доллардык ишканаларын мамлекеттештирген. СССР ж. б. соц. мамлекеттер м-н соода-экон. байланыштарды түзгөн. «Элдердин ортосунда тынчтыкты чыңдаганы үчүн» эл аралык Лениндик сыйл. лауреаты (1961). 3 Ленин, Октябрь Революциясы ордендери м-н сыйланган.

КАСЫБАЕВ Алымбай (1894, Нарын обл., Ак-Талаа р-ну, Дөрболжүн айылы – 1955, Ош обл. Өзгөн р-ну) – дыйкан, Соц. Эмг. Баатыры (1949). Ош облнун Өзгөн р-нундагы «Эркин-Тоо» колхозунун талаачылык бригадасынын звено башчысы (1939). Ал жетектеген звено 1948-ж. 20 *га* буудайдын ар гектарынан 28 *ц*ден түшүм жыйнап алган. Ленин ордени м-н сыйланган.



КАСЫБЕКОВ Эркинбек Шактыбекович (1963-ж. т., Фрунзе) – биология илимд. доктору (2002). КМУну (1985), Кыргыз ССР ИАнын Биология институнун аспирантурасын (1990) бүтүргөн. 1990-жылдан ошол эле жерде кенже, улук ил. кызматкер, Каунтерпарт консорциумунда машыктыргыч – консультант, директордун орун басары, Кырг-н орнитология ил. коомунун төрагасы (1993), 1998-жылдан Каунтерпарт консорциумунун директору. 40тан ашык ил. эмгеги, а. и. 4 монографиясы бар.

Эмг.: Население наземных позвоночных Северного Кыргызстана (в соавторстве). Б., 1991.

КАСЫЙДА – чыгыш элдеринин поэзиясындагы жанр. Формалык белгилери: коломдүүлүгү (20дан 200 бейтке чейин), аа, ба, ва, да... системасы б-ча уйкашкандыгы (монорифма), үч бөлүктүү композициядан тургандыгы. Адегенде К. мактоо ыры катары гана белгилүү болсо, 11–12-кдан К-нын филос. түрү да пайда болгон. Кыргыз поэзиясына ислам дини ж-а коншу түрк элдеринин корком чыгармалары аркылуу кирген деп болжолдонот.

КАСЫМААЛЫ Мамбет уулу, Касымаалы ажы (1862, Нарын өрөөнү, Суук-Капчыгай кыштоосу – 1916, сентябрь – октябрь, азыркы Нарын ш.) – белгилүү манап, *Ниязбек бийдин* тукуму, Нарын өрөөнүндө алгачкылардан болуп Кара-Булунда медресе ачып, балдарды окууга тарткан ж-а аны бүткөндөргө Уфадагы «Галия» медресесинен билимин улантууга жардам берген. Эсенкул болуштугун түзүүдө башкы демилгечи болуп, бир нече жолу болуштукка шайланган. Колониялык эзүүнүн күчөй баштаган мезгилинде жерг. элди коргоп, падыша өкмөтүнө каршы үгүт-насыят иштерин жүргүзгөн. *Уркун* башталар алдында Чүй ж-а Ысык-Көл өрөөнүнүн жетекчилери м-н байланыш түзүп, Нарын аймагындагы көтөрүлүштү жетектеген. Көтөрүлүш жеңилгенде эл м-н бирге Кытайга качкан. Бирок орус бийлигинин көтөрүлүшкө катышкандарга мунапыс берилет деген жалган убадасына ишенип, кайтып келген. 1916-ж. күзүндө аскер сотунун башчысы Бобровдун чечими, Нарын бөлүмүнүн башчысы Хохалёвдун буйругуна ылайык баласы Оруналы, көтөрүлүшкө катышкан Ч. Барманов, М. ж-а Б. Жетигеновдор м-н бирге дарга асылган. *Ж. Токтоналиев.*

КАСЫМБАЙ Бирназар (Кара мерген) уулу (1873, Нарын өрөөнү – 1943, ошол эле жер) – манасчы. Тынымсейит уруусунан. Тыныбек манасчы м-н тааныш болгон. Башка манасчылардай эле «Манас» айтып калуусун кереметтүү түш көрүү м-н байланыштырат. Андан эпостун «Манас» бөлүмүнөн: «Манастын бала чагы», «Жети кандын окуясы», «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат», «Каныкейдин Букарга качышы»; «Семетей» бөлүмүнөн: «Семетейдин Сарытазга жолугушу», «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү», «Семетей баатырдын Манастын кунун куушу», Семетейдин кайып болушу», «Канчоронун кастыгы» эпизоддору баласы Доөталынын айтуусунда жазылып алынган.

КАСЫМБЕКОВ Бейшебай (1933-ж. т., Ысык-Көл обл., Ысык-Көл р-ну, Бостери айылы) – ветеринария илимд. доктору (1990), проф. (1993). КРдин илимге эмг. син. ишмери 1911). Эл аралык информация академиясынын корр. мүчөсү (1992). КАЧИни бүтүргөн (1955). 1955-ж. Жалал-Абад зоовет. мектебинде окуу бөлүмүнүн, 1956–60-ж. вет. станциянын, Тянь-Шань тажрыйба станциясынын башчысы, 1960–68-ж. Тоң р-нунун башкы ветеринар врачы. 1968–76-ж. Кырг-н мал чарба ж-а ветеринария ИИИде улук ил. кызматкер, сектор башчысы, 1976–80-ж. директор. 1980–85-ж. улук ил. кызматкер, лабор. башчысы. 2001-жылдан Кыргыз вет. көзөмөл ИИИнин паразитология бөлүмүнүн башчысы. Вет. паразитология б-ча адис. 80ден ашык ил. эмгектин, а. и. 5 монографиянын, 2 окуу китептин автору.

Эмг.: Малдын гельминтоз ыландары. Ф., 1984.

КАСЫМБЕКОВ Мырза Фазылбек (1863, Бадах-

шан, Шунган кыш. – 14. 2. 1919, Ош) – тарыхчы, чыгыш изилдөөчү, географ ж-а саякатчы. Маргалаңдагы жогорку диний мектеп – Султан Муратбектин медресесин бүтүргөн. О. Азия ж-а коңшу өлкөлөрдүн географиясын, тарыхын, этнографиясын, тилин жакшы билген. 19-к-дын 80-жылдарынын аягы – 90-жылдарынын башында Ошто жашап, тилмеч, жол көрсөткүч, чарба иштеринин башчысы катары Кашкар, Тибет, Гиндикуш, Памир (1888–89), Түркия (1896), Афганстандагы (1903–04) ил. экспедицияларга катышып, аспаптык байкоолор жүргүзгөн, зоол. ж. б. коллекциялар жыйнаган. Ал кызматы үчүн Россия география коомунун 2 алтын, күмүш, коло медалдары м-н сыйланган. Чыгыш элдеринин кол жазмаларын жыйнаган. 1907-ж. Бадахшандын 1809–1907-ж-дагы соңку тарыхын жазган. Анын бул эмгеги Мырза Сан-Мухамбет Бадахшанинин эмгегинин уландысы болуп эсептелет. 1911–13-ж. Ош орус-тузем мектебин ачып, анда мугалим болуп иштеген. 1914–17-ж. Ошто демокр. маанайдагы жаштардын тобун жетектеген. 1917-ж. уулу Санжар *Касымбеков* м-н бирге «Окуучулар союзун» түзгөн. Басмачылар колдуу болуп өлгөн.

КАСЫМБЕКОВ Рыскул (1953-ж. т., Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Саруу айылы) – а. ч. илимд. доктору (2000), проф. (2002). К. И. Скрябин атн. КАЧИни бүтүргөн (1976). 1976-жылдан «Оргочор» кой өстүрүү б-ча тажрыйба станциясында зоотехник, ил. кызматкер. 1987–90-ж. Ысык-Көл облустук партия к-тинде инструктор, а. ч. бөлүмүнүн башчысы. 1990-ж. «Оргочор» асыл тукум кой өстүрүү мамл. з-дунун директору. 2000-жылдан КЭУнун Кара-Кол ш-ндагы филиалынын ректору. Физиология, селекция, генетика, экология илимдери б-ча адис. 40тан ашык ил. эмгектин, а. и. 2 монография, 2 окуу куралы, 4 ойлоп табуунун автору.



Эмг.: Иссык-Кульский меринос. Б., 1977.

КАСЫМБЕКОВ Санжар (1902–1924) – Кырг-нда Совет бийлигин орнотуу үчүн жигердүү күрөшүүчүлөрдөн. М. Ф. *Касымбековдун* уулу. 1917-ж. май айынан рев-ячыл ишке катышкан. Анжиян мусулман жумушчулар м-н чайрыкерлер кеңешинин аткомунда (1918, июнь), РКП(б)нин Ош шааркомунда (1918, август), Түркстан крайкомунда (1918, декабрь) иштеген. 1919-ж. октябрдан РКП(б)нин Ош шаардык мусулман уюмунун төрагасынын орун басары, 1920-ж. февралдан Ош уездик шааркомунун төрагасы болуп иштеген. Анжиянда Совет бийлигин орнотууга, Ташкенттеги контррев-ячыл козголоңду баскууга, Закаспий фронтундагы согушка катышкан. 1920-жылдан Түркстан фронтунун бүткүл ро[illegible]лык дыйкандар ж-а токойчулар союзунун [illegible]арканд обкомунун төрагасы болуп иштеген. Басмачылар өлтүргөн.



КАСЫМБЕКОВ Төлөгөн (15. 1. [illegible], азыркы Жалал-Абад обл., Аксы р-ну, Ак-Кол айылы – 16. 6. 2011, Бишкек, сөөгү Кой-Таш айылына коюлган) – жазуучу, коомдук ишмер, Кыргыз Эл жазуучусу (1986), КРдин эл Баатыры (2007). 1957-ж. КМУнун филология ф-тин бүтүргөн. 1957–60-ж. «Кыргызокуупедмамбаста» редактор, 1960–73-ж. «Ала-Тоо» журналында бөлүм башчы, жооптуу секретарь, башкы редактор, 1973-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин басма, полиграфия ж-а китеп соода б-ча мамл. к-тинде башкы редактор, 1974–81-ж. Кырг-н жазуучулар союзунда адабий кеңешчи, 1987-жылдан Автордук укуктар б-ча бүткүл союздук агенттиктин Кырг-ндагы бөлүмүнүн директору, 1990–94-ж. Кырг-н Эркин жазуучулар союзунун төрагасы болуп иштеген. Алгачкы аңгемеси «Кичинекей жылкычы» 1952-ж. жарыкка чыккан. 1956-ж. «Жылкычынын уулу» аттуу алгачкы жыйнагы жарык көргөн. Жазуучунун алгачкы аңгемелери балдарга арналган. Автобиогр. негизде жазылган «Туулган жер» (1958) жыйнагында элеттик калктын кулкмүнөзү көрсөтүлөт. «Жетим» (1958), «Адам болгум келет» (1961) повесттеринде жаш муун өкүлдөрүнүн калыптануусу, турмуштан өз жолун табуу аракети сүрөттөлөт. К-дун чыг-лыгынын өзөгүн түзгөн тарыхый темадагы алгачкы тажрыйбасы «Алымкан» (1966) драмасы болуп эсептелет. Анда демократ акын Т. Сатылгановдун тагдырына байланыштуу эл ичинде легендага айланган окуя мүмкүн болушунча акындын биографиясына жакын, реалдуу маалыматтардын негизинде чагылдырылган. Жазуучунун чыг-лык жолунда окурмандардын кеңири чөйрөсүнүн көңүлүн бурган чоң ийгилиги – «Сынган кылыч» тарыхый романы (1-китеп 1966; толугу м-н – 1971). Романда 19-к-дын 2-жарымындагы Фергана, Алай, Анжиян, Аксы аймактарындагы кыргыздардын турмуш-тиричилиги ж-а саясий-социалдык абалы сүрөттөлөт. Чыгарманын көркөм курулушунда эки катмарды бөлүп көрсөтүүгө болот: биринчиси Нүзүп, Мусулманкул, Исхак өңдөнгөн бектер, уруу башчылары уюштурган жортуулдар, кагылыштар,



кандуу салгылаштар; экинчиси Сарыбай, Теңирберди, Мадыл, Кулкиши сыяктуу карапайым калк өкүлдөрүнүн турмуш-тиричилиги. Бул эки сюжеттик чыкжыр бирде өз алдынча өнүгүп, бирде кесилиш[illegible] турат. Феодалдык төбөлдөр уюштурган ка[illegible]штар жөнөкөй элдин кызыкчылыктарын[illegible]аманча жат болгон ж-а алардын тагдырына [illegible]касын тийгизип, трагедия алып келген. Р[illegible]да Кокон хандыгынын ордосундагы мами[illegible]лут тагдыры, коомдук процесстин өсүп-ө[illegible]нүн шарттаган тарыхый окуялар чагылдыры[illegible]. Чыгарма коммунисттик идеология туш[illegible]кысымга учурап, эгемен заманда оңдолуп, алымча-кошумчаланган варианты окуялардын, каармандардын көркөм-тарыхый жүзүн ачуучу маанилүү бөлүктөр м-н толукталып, 1998-ж. жарыкка чыккан. К. «Сынган кылыч» романына улай «Келкел» (1986), «Баскын» (2000) тарыхый үчилтиктин бөлүмдөрүн, улуттук каада-салт, таалим-тарбия, өкүмзор бийлик тушунда канаты кайрылгандардын турмушун баяндаган «Жетилген курак» (1976) романын, Кыргызстанда Совет бийлигин орнотууга көмөк көрсөткөн ички иштер кызматкерлеринин ишмердигин чагылдырган «Ак кызмат» (1980) тарыхый очеркин жарыялады. Аталган чыгармалардын арасынан «Келкел» тарыхый романы Кырг-нда 20-к-дын 20–30-жылдарында Совет бийлигин куруу учурундагы окуяларды чагылдырууга арналган. «Алай ханышасы» Курманжан датка, тоо булбулу Токтогул, Кызыл аскерлердин Түркстандагы кол башчысы М. Фрунзенин көркөм образдары аркылуу автор Кырг-нга жаңы бийликтин орношунун татаал, карама-каршылыктуу учурун баяндайт. «Баскын» кыргыздардын көөнө тарыхына арналган. Анын «Алымкан», «Курманжан датка» драмалары театр сахнасында коюлган. «Сынган кылыч» тарыхый романы үчүн КРдин Токтогул атн. мамл. сыйл. ыйгарылган (2000). Чыгармалары дүйнөнүн 65 тилине которулган. КР Жогорку Кеңешинин депутаты (1990–95). «Даңк» медалы, I даражадагы Манас ордени м-н сыйланган.

КАСЫМБЕКОВА Калия Токтосуновна (12. 9. 1961-ж. т., Фрунзе) – медицина илимд. доктору (2005). КММИни (1984), СССР Саламаттык сактоо министрлигинин Борб. эпидемиология ИИИнин аспирантурасын бүтүргөн (1989). Кыргыз эпидемиология, микробиология ж-а гигиена ИИИде кенже, улук ил. кызматкер (1984–91). Кырг-н экология ж-а жугуштуу оорулардын алдын алуу ИИИде лабор. башчысы (1991–96), КРдин Саламаттык сактоо министрлигинде эксперт-сан. врач, башкы адис (1996–97). 1997–2009-ж. лабор. башчысы, 2009-жылдан КРдин Саламаттык сактоо министрлигинин Мамл. эпидемиол. көзөмөл департаментинин молекула-ген. ж-а микробиол. изилдөө борборун жетектейт. Эпидемиология б-ча адис. 69дан ашык ил. эмгеги, а. и. 1 монографиясы бар.

Эмг.: Гастроэнтериты вируснобактериальной этиологии у детей раннего возраста в Киргизской Республике. М., 1999; Вирусологические исследования энтеровирусных инфекций в Кыргызстане (в соавторстве). Б., 2001; Эпидемиология поливирусной инфекции в Кыргызской Республике. Б., 2002; Вирусные гепатиты (в соавторстве). М., 2003.

КАСЫМОВ Омор Тилегенович (1955-ж. т., Фрунзе) – медицина илимд. доктору (1996), проф. (1998). КММИни бүтүргөн (1978). КРдин мамл. сыйл. лауреаты (1996). Кыргыз ССР ИА Физиология ж-а эксперименттик патология ИИИде, КММИде гигиена кафедрасында улук лаборант (1978–81), 1981–89-ж. ассистент, доцент, 1989–93-ж. сектор башчысы. 1997–2000-ж. кафедра башчы, проректор. 2000-жылдан «Профилактикалык медицина» ил. өндүрүштүк бирикмесинин директору. Кыргыз коомдук кесиптик саламаттык сактоо ассоциациясынын президенти. Физиология, гигиена б-ча адис. 120дан ашык ил. эмгектин, а. и. 10 монография, 25тен ашуун колдонмонун автору.

Эмг.: Климат и здоровье детей (в соавторстве) Б., 1989; Актуальные проблемы медицины труда в Кыргызкой Республике (в соавторстве). Б., 1988; Очерки о здоровье человека на высокогорной вахте (в соавторстве). Б., 1993; Питание и здоровье (в соавторстве). Б., 2000.

КАСЫМОВ Эркин (22. 7. 1941, Чүй обл., Сокулук району, Орок айылы – 8. 3. 2010, Бишкек) – опера ырчысы (баритон). Кырг-н Ленин комсомолу сыйл. лауреаты (1979), Кыргыз ССР эл. арт. (1987), КРдин Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты (2006). 1969-ж. Москвадагы П. Чайковский атн. консерваториянын алдындагы муз. окуу жайды, Б. Бейшеналиева атн. КМИИнин вокалдык бөлүмүн (1981) бүтүргөн. 1969-жылдан Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрында иштеген, ошол эле мезгилде КР Маданият министрлигинин Иск-во башкармалыгынын жетекчиси болгон (1991–99). 50дөн ашык операда партияларды аткарган. Негизги ролдору – Риголетто (Ж. Верди, «Риголетто»), Скарпиа (Ж. Пуччини, «Тоска»), Тонио (Р. Леонкавалло, «Паяцы»), Томский (П. И. Чайковский, «Карганын маткеси»), Фигаро (Ж. Россини, «Севильялык чач тарач»), Амансоро (Ж. Верди, «Аида»), Эскамильо (Ж. Бизе, «Кармен»), Манас, Токтогул (А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере, «Манас», «Токтогул»), Хан (С. Осмонов, «Сепил»), Сапарбай (Н. Давлесов, «Аста-секин, колукту»). Кыргыз, орус, чет элдик композиторлордун ырларын, романстарын да чебер аткар-





Риголетто – Э. Касымов. Ж. Верди «Риголетто», 1979.

ган. Моңголия Хуралынын Ардак грамотасы м-н сыйланган. Түркия, Моңголия, Кипрде, КМШ өлкөлөрүндө гастролдо болгон.

КАСЫМОВА Валентина Махмудовна (30. 4. 1944-ж. т., Нарын обл., Ак-Талаа р-ну, Дөрбөлжүн айылы) – экономика илимд. доктору (2005), КРдин илимине эмг. сиң. ишмери (1995). ФПИнин энергетика ф-тин (1966), Кыргыз ССР ИАнын аспирантурасын (1979), СССР Мамл. пландоо к-тинин Бүткүл союздук отун-энергетика проблемалары ин-тунун докторантурасын (1991) бүткөн. СССР ИАнын Космостук из. ин-тунда инженер-конструктор, улук инженер (1967–70), ФПИде окутуучу (1970–75), КР Экономика министрлигинин ЭИде бөлүм башчы (1975–92), Бишкек шаардык мамл. администрациясында ө. ж. ж-а энергетика департаментинин директорунун орун басары (1993–94), КР Президентине караштуу Стратегиялык из. ин-тунда экономика бөлүмүнүн башчысы (1996–97), Борб. Азия экон. шериктештигинин мамлекеттер аралык кеңешинин аткаруу к-тинин эксперти (1999–2002), 2001-жылдан КРСУнун проф. 70тен ашуун ил. эмгеги жарык көргөн.

Эмг.: Топливно-энергетический баланс Кыргызской Республики на период до 2005 года. Б., 1990; Вода, энергия, экология. Б., 2000; Энергетическая программа Кыргызской Республики на период 2005–10 годы. Б., 2000; Об устойчивом природопользовании в бассейне Аральского моря. Б., 2002.

КАСЫМ ХАНДЫГЫ – Москва княздары түзгөн уделдик княздык. Ал орустарга кызмат кылууга өткөн татар хандары үчүн атайы түзүлгөн. 15-к-дын ортосунда Москва улуу князы Василий II Тёмный Алтын Ордо ханы Улук-Мухаммеддин уулу, Казан ханзаадасы Касымхандын урматына Городец-Мещерскийди (Хан-Керман) Касым ш. деп атаган. К. х. мещера, мордва, татарлар ж. б. жашаган Ока д-нын аймагын (азыркы Рязань обл-нун түн.-чыгыш бөлүгү) ээлеген. К. х-нын падышасына орус жарандыгына өткөн, орус падышаларынын жактыруусуна ээ болгон гана татар ак сөөктөрү дайындалган. К. х-нын жеке династиясы болгон эмес. Көп учурда алар ханзаада деген эле наам м-н башкарышкан. К. х-на хандык наам 1570-жылдан баштап бериле баштаган ж-а ар кайсы мезгилде аны Чоң Ордо, Крым, Сибирь хандыктарына тийиштүү династиялардын өкүлдөрү баш[illegible]ып, ага мусулман Чыңгыз тукуму гана уку[illegible]у болгон. Казан хандыгынын Орус мамле[illegible]е кошулушу (1552) м-н К. х-нын бедели т[illegible]дөп, иш жүзүндө Москва воеводалары ба[illegible]рып, падыша м-н ханзаадалар аскер кы[illegible]сындагы жер ээлөөчүлөргө айланган. *Ива*[illegible]нүн тушунда К. х. өзүнүн саясий маанисин жоготуп, 1681-ж. өкүмдары Фатами-Султан өлгөндөн кийин биротоло жоюлган.

Ад.: *Вельяминов-Зернов В. В.* Исследования о касимовских царях и царевичах. СПб., 1864; *Бартольд В. В.* Работы по исторической географии. Собр., Т. 3. М., 1965.

КАТАБОЛИ́ЗМ (гр. katabole – ажыроо), д и с с и м и л я ц и я – тирүү организмде кармалган же тышкы чөйрөдөн алынган татаал азык заттардын – белоктор, нуклеин к-талары, углеводдор, липиддер ж-а майлардын ферменттик реакциянын жардамы м-н ажырашы. Организмдеги зат алмашуунун анаболизмге карама-каршы процесси. К. реакцияларында орг. молекулалардагы хим. байланыштардан энергия бөлүнүп чыгып, АТФтин фосфаттык байланыштарынын энергиясына айланат. АТФтеги энергия анаболизм реакцияларынын жүрүшүнө ж-а организмдин башка тиричилигине жумшалат. К. аэробдук чөйрөдө дем алуу (кычкылдануу), анаэробдук шартта ачып-кычуу жолдору м-н жүрөт. Аэробдук дем алууда орг. заттар акыркы затка (CO_2 ж-а H_2O) чейин толук ажырап, энергия көп бөлүнүп чыгат. Ачууда заттар толук ажырабай, энергия аз бөлүнүп чыгып, акыркы заттары – ар түрдүү спирттер, орг. к-талар (сүт, май, лимон ж. б.) алынат.

КАТАГАН – байыркы түрк урууларынын бири. К-дардын келип чыгышы, таралышы ж-дө кеңири ил. изилдөөлөр жүрө элек. Оозеки санжыра (мис., катагандын хан Турсун) ж-а эпостордогу (катагандын хан Кошой) кээ бир маалыматтарга салыштырып, аларды кыргыз эли м-н тектеш ж-а байыртадан бери кошуна жашап келген деп кароого болот. 20-к-дын орто чендеринде С. *Абрамзон* К-дар негизинен аз сандуу болуп, Чыгыш Түркстандагы Кебез-Тоо, Муз-Бел, Чөп-Бел деген жерлерде чогуу турушканын, кыргыз тилинде сүйлөшөрүн ж-а каада-салты (*атчабыш, улак тартыш, эр эңиш* ж. б.) да окшоштугун белгилеген. К-дар алгачкы жолу *Рашид ад-Диндин* эмгегинде эскерилген. Азыркы учурда кыргыздардын ичиндеги *чекир саяк* уруулар тобуна кирет, бирок байыркы К. уруусунун калдыгы болуп саналбайт. Санжыра б-ча (*Тоголок Молдонун* санжырасы) *Эшим хан* К-дын ханы Турсунду чаап (бул окуя ж-дө *Абул-Гази* хан да эскерген), анын кызын чекир саяк Түгөлбайдын уулу Маңгытка алып берген ж-а ал кыздан туулган Казыгул, Сүйөркул, Эсиркемиштин тукуму К. деп аталат, б. а. аларга жээн катары таа[illegible]лат. Булардан тышкары О. Азиянын айры[illegible]есп-ларында да кезигет.

КАТА́ЕВ В[illegible]тин Петрович [16 (28). 1. 1897, Одесса – 1[illegible] 1986, Москва] – орус жазуучусу, Соц. Эмг. [illegible]ры (1974). Чыг-лыгы 1910-жылдан башта[illegible] 1926–28-ж. «Ысырапкорлор» повестин, «А[illegible]ндай чечилбес иш» комедиясын жазган. 19[illegible]45-ж. аны чебер прозачы катары дүйнөгө та[illegible]ткан «Убакыт, алга», «Бүлбүлдөйт жалгыз жел кайык», «Полктун уулу» (1946, СССР мамл. сыйл.) аттуу чыгармаларын жараткан. К. – «Касиеттүү кудук» (1967), «Кубик» (1969) аттуу мемуардык повесттердин ж-а «Дубалдагы кичинекей темир каалга» (1964), «Унуткаруу чөбү» (1967), «Алмаздуу шөкүлөм» (1978) аттуу публ. повесттердин автору. Анын айрым чыгармаларын кыргыз тилине А. Алдашев, К. Эшмамбетов, К. Алиев, Р. Сулайманкулов, Ш. Шамурзаев ж. б. которгон. Үч Ленин ордени м-н сыйланган.

КАТАКЛА́З (гр. katakláõ – талкалайм) – тектон. кыймылдардын, метаморфизмдин таасиринен тоо тектери м-н минералдардын түзүлүшүнүн өзгөрүшү ж-а талкаланып кетиши. Негизинен тектон. жаракаларда, метаморфизм аймактарында байкалат. Мында минералдардын кристаллдык торчосу бузулат. Кристаллдарынын өлчөмү өзгөрөт. К-дык түзүлүш келип чыгат. Микроскоп м-н аныкталат. Өтө майда талкаланса, «тектон. ун» (тоо уну) деп аталат. Аймак минерал заттардын эритиндилерин өткөрүүгө жакшы шарт түзөт. Натыйжада алардын кени топтолот.

КАТАКО́МБА – жер алдындагы жасалма же табигый жайлар. Илгери диний ырым-жырым өткөрүү, табыт коюу үчүн пайдаланылган. К. Римдин чет жакалары, Египет, Алдыңкы ж-а Кичи Азия ж. б. жерлерде кездешет. Байыркы Рустун К. сымал жайлары Киев-Печора лаврасында сакталып калган. Мурда таш ж. б. алынган жер астындагы казмалар да К. деп аталат. Одесса м-н Ажимушкайдын айтылуу К-ларын Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде сов. партизандар душманга каршы күрөштө пайдаланган. Кыргыз жеринде 1–5-к-да жашаган көчмөн уруулардын казанактуу көрлөрү К. деп шарттуу аталат.

Катакомба маданияты: 1, 2 – чопо идиштер; 3 – жарма көр ж-а ага коюлган сөөк; 4 – жез бычак; 5 – жез шибеге.



КАТАЛАУ́Н ТАЛААСЫНДАГЫ САЛГЫЛАШУУ – 451-ж. Франциянын түн.-чыгышындагы Каталаун талаасында (азыркы Труа ш-нын аймагы) айрым герман уруулары (вестготтор, бургунддар, франктар, аландар) м-н бирге Аэций башкарган рим ж-а хунн аскерлеринин ортосунда болгон согуш. Бул салгылашуу Аттила баштаган хунндардын Галлияга, жалпы эле Европага басып киришин токтотуп, алардын союзун ыдыраткан.

КАТА́ЛИЗ (гр. katálysis – бузулуу) – *катализаторлордун* таасири м-н реакциянын ылдамдыгынын өзгөрүшү. Ал гомогендүү ж-а гетерогендүү болуп бөлүнөт. Реакцияга кирүүчү заттар м-н катализатор бирдей фазада аракеттенишсе (газ же эритме), гомогендүү, ар түрдүү фазада болсо, гетерогендүү К. деп аталат. Мис., гомогендүү К-ге гидроксил м-н суутек иондорунун жардамы аркылуу жүрүүчү к-та негиздик К. кирет. Хим. ө. ж-нда продукциялардын көпчүлүк бөлүгү гетерогендүү К-дин жардамы м-н алынат. Гетерогендүү К. учурунда реакция катализатордун үстүнкү бетинде өтөт. Демек, катализатордун активдүүлүгү анын үстүнкү бетинин чоңдугуна ж-а касиетине көз каранды. Реакция активдүү аралык бирикмелер аркылуу жүрөт. Гетерогендүү реакцияларга, мис., аммиактын синтезделиши, азот к-тасын өндүрүүдө аммиактын кычкылданышы ж. б. кирет. К. биол. системаларда да өтө чоң ролду ойнойт. Тамак сиңирүү системасында, канда, жаныбарлардын ж-а адамдын клеткаларында өтүүчү хим. реакциялардын көпчүлүгү катализдик реакциялар. Ферменттер – катализаторлор, жөнөкөй же татаал белоктор болуп саналат. Шилекейдин курамында крахмалды кантка айландыруучу птиалин ферменти бар. Ашказандагы пепсинфермент белокту ажыратууну катализдейт. Адам денесинде 30 миңге жакын ар түрдүү фермент бар; алардын ар бири тиешелүү реакциялардын натыйжалуу катализаторлору катары кызмат кылат.

КАТАЛИЗАТОРЛОР – реакция учурунда сарпталбаган, бирок анын ылдамдыгын өзгөртүүчү заттар. К. хим. аракеттенүүгө катышат, бирок баштапкы салмагын ж-а курамын калыбына келтире алат. Гомогендик реакцияларда процесс реакциялануучу көлөмдө жүрсө, гетерогендик реакцияларда К-дун сырткы бетинде жүрөт. К-дун процесске тийгизген таасирин арттыруу

үчүн аралаштыруу же ысытуу керек. К-дун бетинин аянтын көбөйтүш үчүн майдаланган, тешиктүү такталарды, торчолорду колдонуу ыңгайлуу. К-дун активдүүлүгү – анын негизги мүнөздөмөсү. Ал массанын, көлөмдүн концент. же үстүнкү бетинин бирдиги м-н аныкталат. 1 $м^2$ К-дун үстүнкү бетине туура келген активдүүлүк өздүк катализатордук активдүүлүк деп аталат. К. реакцияга тандама таасир этет. Мис., ар түрдүү К-ду пайдалануу м-н этил спиртинен түрдүү заттарды алууга болот. К-дун түрү көп. Кислота-негиздик реакцияларга: сууда эрүүчү к-таталар, негиздер, катуу оксиддер, алюмосиликаттар, галогендер, комплекстүү бирикмелер ж. б. кирет. Ал эми окистенүү-калыбына келүү реакцияларында металлдар (M, Ni, Fe, Co ж. б.) ж-а алардын бирикмелери, оксиддер, сульфиддер ж. б. колдонулат.

КАТАЛОНДОР (өздөрүн каталанс деп аташат) – Каталониянын негизги калкы. Испаниянын түн.-чыгышындагы эл. Франция, Италия, Түн. ж-а Түш. Америка (Аргентина, Бразилия, АКШ, Мексика, Венесуэла ж-а Куба) өлкөлөрүндө да жашашат. Жалпы саны 7 млн киши (2007). Каталан ж-а испан тилинде сүйлөшөт. Динге ишенгендери – католиктер. К-дун ата-бабалары иберий урууларынан. 12-к-да К-дун көбү Арагон королдугунун курамына кирген. 15-к-да Испанияга бириккен. 18-к-дын башында испандаштыруу саясатынын натыйжасында каталан тили үй-тиричилигинде эле колдонулуп калган. К. өзүнчө автономия алыш үчүн узак убакыт күрөшүп, анын жүрүшүндө улут болуп калыптанган. Испан Респ. түзүлгөндөн (1931) кийин, К. автономияга ээ болгон (1932). Бирок, франкочулар басып алганда автономия жоюлуп, 1977-ж. кайрадан калыбына келтирилген. К. негизинен дыйканчылык м-н кесиптенишип, таштан салынган эки кабаттуу, о. эле дубалы топурактан согулуп, шыбалып, акталган, үстү камыштан жаптайма чатырчаланган бир кабаттуу үйлөрдө жашашкан. Эркектер ичке же кенен тигилген көйнөк, күрмө, бир түстүү же жолжолу бар тизеге чейинки кыска шым, булгаары бут кийим, башына кызыл же кызгылт кок түстөгү калпак – барретина, саймаланган чий калпак кийип (Валенсия м-н Балеарда эркектер жоолук салынып, каптalынан же артынан байлап алган), үстүнө чакмактуу же жол-жолу бар жүндөн токулган шалы жоолук жамынган. Аялдар колуна жең кап – манжет, кыска жеңдүү кофта, ачык түстүү кездемеден тигилген кыска юбка кийип, алжапкыч тагынып, шалы жоолук салынган. Салттуу тамашалары – бышкан эт, эскуделья – эттин сорпосу, бышкан кесме, корнадалья – эт кошулган төшкө ж-а төө бурчак, паэлья – эт кошулган күрүч, балык, жашылча-жемиштер). Улуттук бийи – сардана, болангера ж. б.



Барселона аянтындагы сардана бийи.

КАТА́НОВ Николай Фёдорович [6 (18). 5. 1862, Хакасия, Минуса уезди, Турахов улусу, Изюм кыш. – 9. 3. 1922, Казан] – чыгыш таануучу ж-а этнограф, фольклорчу, хакас окумуштуусу. 1888-ж. Петербург ун-тинин чыгыш таануу ф-тин бүтүргөн. Казан ун-тинин ж-а Россия коомдук ИАнын проф. (1893). Европа тилдеринде эркин сүйлөп, чыгыш, байыркы ж-а элгөн тилдерди да билген. Байыркы түрк, рун, шумер, шынаа жазууларын, египет, кытай иероглифтерин, санскрит, араб тамгаларын, байыркы уйгур, арамей графикаларын окуй алган. Сүрөт тартуу, карта түзүүнү да мыкты өздөштүргөн. Археология, тарых, этнография, тил таануу, ад-т тармактары б-ча 380ден ашуун эмгектин автору.

Эмг.: Избранные труды о Хакасии и сопредельных территориях. Абакан, 2004.

Ад.: *Кокова И. Ф.* Катанов. Абакан, 1993. Наследие Н. Ф. Катанова. История и культура тюркских народов Евразии. Казань. 2006.

КАТАПУ́ЛЬТА (лат. catapulta, гр. kata- – ылдый ж-а pallein – ыргытуу дегенден) – 1) кыйраткыч нерселерди (жумуру таш, учталган устун, орттонмо челек ж.б.) чыйратылган серпилгич аркандын жардамы м-н ыргытуучу байыркы аскер куралы. Анын ыргытуу алыстыгы 250–850 *м*ге жеткен. Байыркы гректер ж-а римдиктер К-ны сепилдер м-н чептерди алууда пайдаланган; 2) кемелердин палубасынан кыска аралыкта самолёт, планер ж. б. учуучу аппараттарга баштапкы (старттык) ылдамдык берүүчү түзүлүш; 3) зарыл учурда учуп жүргөн учкучту же космонавтты отурган орундугу м-н кошо автоматтык түрдө серпип (катапульталап) чыгаруучу курулма. К-ланган учкуч же космонавт жерге парашют м-н түшөт; 4) механизмдерди сыноодо, К-лоо ыкмаларын иштеп чыгууда, учкучтар м-н космонавттардын ашыкча күч келүүлөргө машыктырууда колдонулуучу жер үстүндөгү курулма.

КАТАР – белгилүү бир маанини берген матем. символдордон турган $a_1, a_2, ..., a_n, ...$ удаалаштыгынын алг. суммасы $a_1+a_2+...+a_n+...$ (*) түрүндөгү туюнтма. К-дын мүчөлөрү сан, же функция, же вектор, же матрица ж. б-ды белгилеши мүмкүн. Ушуга жараша К. сандуу, функциялуу, векторлуу, матрицалуу ж. б. деп аталат. К-дын (*) түрүндөгү кенейтилип жазылышынын ордуна $\sum_{n=1}^{\infty} a_n$ түрүндөгү кыскартылган белгилөө колдонулат. Эгер $\lim_{n\to\infty} S_n = S$ деген акыркы чекке ээ болсо, анда К. жыйналуучу К. деп, ал эми $S_n=a_1+a_2+...$ К-дын толук эмес суммасы деп аталат. Эгер толук эмес суммасы S_n удаалаштыгынын акыркы чеги жок болсо, анда ал жыйналбас деп аталат. Мис., чексиз кемүүчү $a_1+a_1q+a_1q^2+...+a_1q^n+...$ геом. прогрессия жыйналуучу К., мында $|q|<1$, анткени $S=\lim_{n\to\infty} S_n=\frac{a_1}{1-q}$ (чексиз кемүүчү геом. прогрессиянын суммасы), ал эми $1-1+1-1+...+1^{n-1}+...$ сан удаалаштыгы жыйналбас К., анткени толук эмес сумманын $S_1=1; S_2=0; S_3=1; S_4=0, ...$ удаалаштыгынын чеги жок.

Ад.: *Маркушевич А. И.* Ряды. Элементарный очерк. М., 1957; *Фихтенгольц Г. М.* Основы математического анализа. Т. 2. М., 1964.

КАТА́Р, Катар Мамлекети (Даулят Катар) – Түш.-Батыш Азиядагы өлкө. Араб ж. а-нын чыгыш бөлүгүн түзгөн Катар ж. а-нан орун алып, Перс булуңу м-н чулганат. Түштүгүнөн Сауд Арабиясы м-н чектешет.





Аяты 11,52 миң $км^2$. Калкы 928,4 миң (2008). Борбору – Доха. Расмий тили – араб тили. Акча бирдиги – катар риалы. Адм.-айм. жактан 10 муниципалитетке (баладийятка) бөлүнөт.

К. – БУУнун (1971), Нефть экспорттоочу өлкөлөр уюмунун (1961), Араб өлкөлөр лигасынын (1971), ЭВФтин (1972), Ислам конф-я уюмунун (1970), Перс булуңу араб өлкөлөрүнүн кызматташтык кеңешинин (1981), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун (1996) мүчөсү.

Административдик-аймактык бөлүнүшү (2008)

Муниципалитет	Аянты, $км^2$	Калкы, миң	Адм. борбору
Жарайян-эль-Батина	3906,5	8,1	Раудат-Рашид
Доха	158,7	398,0	Доха
Умм-Саид (Месайид)	176,7	11,7	Умм-Саид (Месайид)
Умм-Салаль	470,4	42,9	Умм-Салаль
Эль-Вакра	777,3	35,9	Эль-Вакра
Эль-Гувайрия	622,7	2,7	Эль-Гувайрия
Эль-Жамалия	2611,7	16,1	Эль-Жамалия
Эль-Хаур	1001,4	44,1	Эль-Хаур
Эр-Райян	893,5	362,8	Эр-Райян
Эш-Шамаль	902,1	6,2	Эр-Рувайс

Мамлекеттик түзүлүшү. К. – унитардык мамлекет. Конституциясы 2003-ж. 29-апрелдеги референдумда кабыл алынган. Башкаруу формасы – абсолюттук монархия. Мамлекет башчысы – эмир. Мыйзам чыгаруучу органы (мажлис аль-шура) 45 мүчөдөн турат (30ун К. жарандары шайлайт, 15ин эмир дайындайт). Мажлистин бийлик мөөнөтү 4 жыл. Ал мыйзам долбоорлорун кабыл алат, бюджетти бекитет, о. эле өкмөт иштерин көзөмөлдөйт. Мажлис кабыл алган бардык мыйзам долбоорлору эмирдин макулдугу м-н күчүнө кирет. Аткаруу бийлиги эмирге ж-а өкмөткө таандык. Премьер-министр жетектеген өкмөт (Министрлер Кеңеши) эмир тарабынан дайындалат. Негизги укугу – шариат. Саясий партиялардын ишмердигине тыюу салынган.

Табияты. Жээктери негизинен жапыз, түзөн, айрым жерлери булуң-буйткалуу; жээк сызыгынын уз. 560 *км*ден ашык. Жээк бойлой жазылыгы 4 *км*ге жеткен шуру рифтүү тилке созулуп жатат. Катар ж. а-нын түн. бөлүгү – чөлдүү түздүк, ага көчмө кум дөбөлөрү мүнөздүү; борб. бөлүгүндө таштак чөл басымдуу. Түштүгүнө жапыз дөбөлөр (бийикт. 103 *м*ге чейин) мүнөздүү. *Араб платформасынын* чыгыш бөлүгүн ээлейт. Ири кендери: табигый газ (чалгындалган запасы б-ча дүйнөдө Россия, Ирандан кийинки 3-орунду ээлейт; 2005), нефть, о. эле цемент, курулуш акиташ теги, күкүрт, гипс ж. б. Газ м-н нефть негизинен шельфтерден казылып алынат. Климаты тропиктик континенттик, кургак. Январдын орт. темп-расы 17–20°С, июль–августтуку 32–42°С; 50°Сге чейин ысыган мезгилдер да болот. Жаан-чачын аз (түндүгүндө жылына 125 *мм*ге, түштүгүндө 50 *мм*ге чейин), ноябрдан июнга чейин жаайт. Кумдуу ж-а чаңдуу бороон болуп турат. Туруктуу аккан дарыясы жок; кургак сайлар (вади) коп, эң ириси – Вади-Машриб. Жер астындагы суулары минералдашкан. Суу м-н начар камсыз болгон (жылына ар бир адамга 583 $м^3$ өлчөмдөгү суу туура келет). Туссуздандырылган деңиз суусуна болгон муктаждык жылдан жылга күчөдө; жыл

Чөл ландшафты.



сайын 99 млн $м^3$ деңиз суусу тузсуздандырылат. Чөл өсүмдүктөрү мүнөздүү; чыгыш бөлүгүндө ксерофиттик бадалдар ж-а бадалчалар (акация, тамариск, түлкү машак) кездешет. Оазистер аз. Жаныбарларынан чөлгө мүнөздүү майда сойлоочулар, кемирүүчүлөр кездешет, Араб ж. а-нан жейрен келет (К-да сүт эмүүчүлөрдүн 11 түрү мекендейт). Перс булуңунун жээги балыкка бай. Табиятты коргоочу 9 аймак уюшулган; а. и. жейрен ж-а араб ориксин асыроочу жайы да бар.

Калкы. Өлкөнүн калкынын 65,1%ин К. арабдары түзөт; а. и. катарлыктар 31,1%, палестиналыктар 11,7%, ливандыктар 9,1%, сириялыктар 8,1%, египеттиктер 1,8, судандыктар 1,6%. О. эле фарсылар (16,8%), белуждар (1,8%), түш. ж-а түш.-чыгыш азиялыктар ж. б. улуттар да жашайт. Калктын жылдык өсүүсү 2,4%. Төрөлүүнүн саны 1000 адамга 15,6 бала, өлүмжитим 4,8 адам. Калкынын орт. курагы 31,9 жыл. Курактык структурасында эмгекке жарамдуулардын (15–64 жаштагылардын) үлүшү зор, 72,9%; өспүрүмдөрдүкү (15 жашка чейинкилер) 23,1%, 65 жаштан ашкандар 4%; 100 аялга 185тен ашык эркек туура келет (негизинен чет элдик жумушчулардын эсебинен, миграциялык сальдосу 1000 13,1, 2007). Күтүлгөн орт. жашы



Катар кызы.

74,1 жыл (эркектердики 71,6, аялдардыкы 76,8 жыл). Калкынын орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 80,6 адам (2008). Шаар калкы 92%; анын $^2/_3$си өлкөнүн чыгышындагы 2 шаарда – Доха (калкы 339 мин; 2008) м-н Эр-Райянда (258 мин) жашайт.

Тарыхы. К. ж. а-н адамдар б. з. ч. 4–2-миң жылдыктан мекендеген. К. ж-до алгач б. з. 1-к-нда рим тарыхчысы Плиний Улуу тарабынан эскерилет. Б. з. ч. 1-миң жылдыктын аягынан К-га араб уруулары отурукташа баштап, анын аймагы биринчи араб мамлекеттеринин бири – Харакены мамлекетине кирген. Харакены мамлекети ыдырагандан кийин К. сасаниддик Ирандын бийлигинде болгон (4-к.), 7-к-да Араб халифатына кошулуп, ислам динин кабыл алган. Омейяддардын учурунда К. порт шаарлары – Эль-Бида, Эз-Зубара ж. б. м-н араб соода бор-

борлорунун бирине айланган. 10–11-к-да К. карматтар мамлекетинин курамына кирген. 13-к-да Оманга көз каранды болгон. 1320-ж. К-ды ж-а Перс булуңунун түш. жээгиндеги эмирликтерди Ормуза шейх басып алып, 15-к-дын 2-жарымынан алар Осмон империясына баш ийген. 16-к-дын башында португалдар ээлеген, бирок 1536-ж. аларды осмон түрктөрү сүрүп чыккан. 16-к-дын аягы – 17-к-дын башында Ормуз кысыгынын жээктери англиялыктардын көзөмөлүнө өткөн. Перс булуңунун батышындагы англис экспансиясынан чочулаган Осмон империясы К., Нежд ж-а ага жакын жерлерди расмий түрдө Осмон империясынын эяликтери деп жарыялаган. Бирок К-да Осмон империясы жүргүзгөн бийлик номиналдуу болгон. 18-к-да ошол чөлкөмдөгү күчтүү мамлекетке айланган Омандын Перс булуңундагы ээликтерге ж-а К-га таасири күчтүү болгон. 1720-жылдары Оман династиясынын башкаруучулары Ярубиддер Түш.-Чыгыш ж-а Чыгыш Арабияны (а. и. К-ды) толугу м-н өзүнө караткан. 18-к-дын аягына чейин Оман имаматы европалыктардын Чыгыш Арабияга кириишине тоскоол болгон. Бирок анын экиге (Ички Оман ж-а Маскат) бөлүнүшү, о. эле Иран ж-а Осмон империясынын начарлашынан улам Улуу Британия бул аймакта өзүнүн бийлигин чыңдаган. 1766-ж. К-га Кувейттен бану атбан уруулары көчүп келген. Перс булуңунан англистерди кубалоо үчүн бану атбандар ваххабиттер м-н келишим түзүп, англистердин кемелерине каракчылык м-н кол салышкан. Чыгыш Арабияның жээги британ тарыхый булактарында «Каракчы жээги» деп аталган. 1803-ж. ваххабиттер К., Бахрейн, Кувейт ж-а чыгыш арабиялык ээликтерге үстөмдүк жүргүзүшкөн. 1818–19-ж. англистер ваххабит ээликтерин талкалап, Осмондордун бийлигин калыбына келтирбеш үчүн британ окмоту Перс булуңуна аскер эскадрасын киргизген. 1820-ж. Улуу Британия чыгыш арабиялык шейхтер м-н «Тынчтык жөнүндө Генералдык келишим» түзүп, ал б-ча Перс булуңундагы ээликтер Англиянын колониясына айланган. 18-к-дын 2-жарымында К-да Тани династиясынын шейхи Касем бен Мухаммад Аль-Тани негиздеген чакан ээлик түзүлүп, ал 19-к-дын аягында бүткүл К-ды бириктирген. 1871-ж. К-ды түрктөр кайрадан басып алып, 1914-жылга чейин бийлик кылган. 1-дүйнөлүк согуш жылдарында Аль-Тани династиясынын жүргүзгөн бийлигине элдин нааразычылыгы К-да ички саясий кырдаалды курчуткан. Өзүнүн позициясын чыңдоо максатында 1916-ж. 3-ноябрда Абдалла бен Касем Аль-Тани шейх (1913–49) Улуу Британия м-н келишим түзгөн. Келишим б-ча К. Улуу Британия протекторатына айланган. 2-дүйнөлүк согуш жылдарында К-дын борбору – Дохага британиялык аскерлер жайгашып, аскер имарат-

КАТАР



тары курулган. Согуш бүткөндөн кийин К-да ички саясий кризис башталып, династиялык талаш-тартыштарга алып келген. Аль Тани династиясынын үч кланынын өкүлдөрү (Бани Хамад, Бани Али ж-а Бани Халед) бийлик талашкан. 1949-ж. Бани Хамад кланынын өкүлү Халифа бен Хамад Аль Тани шейх мурасчы болуп шайланган. Бани Али кланынан Али бен Абдалла Аль Тани шейх регент болуп дайындалып, 1960-ж. чейин башкарган. 1950-жылдары өлкөнү өнүктүрүүнүн социалдык-экон. программасы ишке ашырыла баштаган. Кулчулук ж-а кул сатууга тыюу салуу ж-до декрет кабыл алынган, алгачкы башталгыч мектептер ачылып, дарылоо мекемелери кобойуп ж. б. демокр. реформалар жүргүзүлгөн. 1970-ж. 2-апрелде К-дын убактылуу Конституциясы кабыл алынып, Аль Тани үй-бүлөсүнүн бийлигин бекемдеген. Мыйзам чыгаруу, аткаруу бийлиги эмирдин ж-а ал дайындаган Министрлер кеңешинин колунда болгон. Саясий партия, коомдук уюмдарды (профсоюз) түзүүгө тыюу салынган. 1970-ж. 28-майда уюшулган Министрлер кабинетин Халифа шейх жетектеген. 1971-ж. 28-июнда ал англичандар м-н сүйлөшүүлөр жүргүзүп, Улуу Британия м-н 1916-жылдагы макулдашуу Достук ж-до келишимге алмаштырылып, 1971-ж. 3-сентябрда К. көз карандысыз мамлекетке айланган. 1972-ж. 22-февралда ак сакалдар кеңешинин колдоосу м-н Халифа шейх өзүн эмир деп жарыялаган. Анын бийлигинин мезгилинде өлкөнүн экономикасы жогорулап, нефть өндүрүү ө. ж. жаңыртылган. Жаңы жерлер өздөштүрүлүп, мал чарбасы өнүккөн. 1970–80-жылдарда жаңы ө. ж. ишканалары курулган. 1980-жылдардын 1-жарымынан банк секторту тез өнүгө баштаган. 1981-ж. К. Перс булуңу араб өлкөлөрүнүн кызматташтык кеңешине кирип, кошуна эмираттар м-н болгон чек ара маселесин чечкен. 1990-жылдардын башында гезит, журналдар цензурага алынып, К-га чет элдик басылыштар киргизилбей, окутуу программалары кайра каралып чыгып, ислам динине багытталган сабактардын сааттары көбөйтүлгөн. 1995-ж. бийликке келген Хамад бен Халиф Аль Тани демокр. өзгөртүүлөрдү жүргүзгөн цензура алынып, 1996-ж. «Аль Жазира» улуттук маалымат компаниясы түзүлгөн. 2003-ж. жаңы кабыл алынган Конституция (2005-ж. күчүнө кирген) б-ча аялдар шайлоого, парламентке шайлануугa ж-а мамл. кызматтарда иштөөгө укук алышкан. Бирок саясий партиялар м-н коомдук уюмдардын ишине тыюу салынган. 21-к-дын башынан К-дын тышкы саясаты Перс булуңундагы коопсуздукту чыңдоого багытталган. Бул маселе б-ча К. АКШ м-н тыгыз кызматташат. 2002-ж. декабрда Эль-Удайд булуңунда АКШ аскер базасы курулган. 2003-ж. Иракты оккупациялоодо эмират АКШ баш болгон батыш мамлекеттеринин негизги таяныч пункту болгон.

Чарбасы. 21-к-дын башталышынан К-дын экономикасынын негизин углеводород сырьёлорун өндүрүү, кайра иштетүү ж-а экспорттоо түзөт. ИДПнин көлөмү 68,9 млрд доллар; аны киши башына болуштургондо 74,2 миң доллардан туура келет (дүйнөдө алдынкы орундардын бирин ээлейт); ИДПнин көлөмүнүн динамикасы толугу м-н дүйнөлүк рынокто энергия сырьёсу б-ча түзүлгөн кырдаалга байланыштуу. Адам өнүгүүсүнүн индекси 0,875 (2005; дүйнөдөгү 177 өлкөнүн ичинен 35-орунда). Нефть кендерин иштетүүгө чейин К-дын чарбасынын негизги тармагы – балык кармоо ж-а бермет чогултуу болгон. 1990–2000-ж. нефть-химия комплекси ж-а чет элдик туризм өнүгө баштады. К-га келген туристтердин саны жылдан жылга өсүүдө (2006-ж. 900 миң турист келген); заманбап мейманкана структурасы түзүлүүдө; мамл., эл аралык ж-а коммерциялык банктар, улуттук ж-а чет өлкөлүк камсыздандыруу компаниялары иштейт. ИДП структурасында ө. ж-дын үлүшү 73,5% (а. и. нефть-газ өндүрүү 62%), тейлөө чөйрөсүнүкү 26,4%, а. ч-ныкы 0,1%.

Нефть өндүрүүнү мамл. «Qatar Petroleum» компаниясы көзөмөлдөйт (2006-ж. суткасына 1,1 млн

баррель өндүрүлгөн; 80% и экспорттолот). Өлкө б-ча өндүрүлгөн нефтинин жарымына жакыны Духан кенине туура келет; анда нефть м-н кошо газ ж-а газ конденсаты да алынат; нефть кууру аркылуу нефть экспорттоочу Умм-Саид порту м-н туташат. Нефть, о. эле өлкөнүн чыгышында, Перс булуңунун шельфинен өндүрүлөт. Перс булуңундагы кендердин нефтиси Халула а-ндагы нефть терминалы аркылуу экспорттолот. 2005-ж. 43,9 млрд $м^3$ газ өндүрүлгөн; эң ири кени – Түн. кени (айрым жерлери, мис., Түш. Парс Иранга таандык). 2005-ж. 13,5 млрд *кВт·с* электр энергиясы өндүрүлгөн; тиричиликте керектелүүчү электр энергиясы калкка акысыз берилет. Курулуш сектору (ИДПнин 5% тейи) өлкөнүн экономикасында мааниси б-ча отун-энергетикадан кийинки 2-орунда; аны м-н өнүккөн цемент өндүрүшү тыгыз байланышта.



Рас-Лаффан шаарындагы суюлтулган газ өндүрүүчү завод.

Өө. ж. ишканаларынын басымдуу бөлүгү Умм-Саид (жер семирткич чыгаруучу, болот куюу з-ддору ж. б.), Рас-Лаффан (негизинен газ иштетүүчү ишканалар) ж-а Доха ш-нын тегерегинде түзүлгөн индустриялуу зоналарда топтолгон.

К-дын а. ч-нын өнүгүүсүнө анын катаал климаттык шарты, чөл ж-а жарым чөлдүү аймактардын басымдуулук кылышы тоскоолдук кылат (өлкөнүн аймагынын 3% ке жакын жери гана а. ч-нда пайдаланылат). Мамлекеттен субсидия алган чакан а. ч. ишканалары гана бар. А. ч. өдүрүшү элдин азык-түлүккө болгон муктаждыгынын 10% ин гана канааттандырат; азык-түлүктүн басымдуу бөлүгүн сырттан сатып алат. Жүгөрү ж-а таруу аз өлчөмдө гана жыйналат. Оазистерде момо-жемиш, курма пальмасы, жашылча өстүрүлөт. Эчки, төө, кой, жылкы асыралат; куш чарбасы өнүккөн. Балык кармоонун ж-а бермет чогултуунун мааниси зор.

Автомобиль жолунун жалпы уз. 1230 *км*; анын негизги тармактары: Доха – Эр-Райян – Духан, Доха – Эль-Хаур – Эр-Рувайс, Доха – Эль-Киръяна – Эль-Хуфуф (Сауд-Арабиясы). Жүктүн басымдуу бөлүгү деңиз транспорту м-н ташылат. Негизги деңиз порту – Доха. Беш аэропорттун бирөө эл аралык аэропорт (Дохадагы). Куур транспортунун уз. 2164 *км*, а. и. газ куурунуку 1024 *км*, нефть куурунуку 844 *км* (2006).

Сыртқы соода товар айлануусунун көлөмү 48,6 млрд доллар (2007), анын 33,5 млрд доллары экспорттук, 15,3 млн доллары импорттук товарлар. Экспортунун 70% ке жакынын нефть, нефть продуктулары ж-а суюлтулган газ түзөт; о. эле сыртка металл арматура, темир, жер семирткич ж. б. да чыгарат. Экспорттун негизги соода шериктери: Япония, Корея Респ., Сингапур, Таиланд. Машина ж-а жабдууларды, эл керектөөчү товарларды, азык-түлүктү Франция, Япония, АКШ, Италия, Германия, Улуу Британия, Сауд Арабиясы, Корей Респ-нан сатып алат.

Маданияты. К-да мектепке чейинки мекемеден ун-тке чейин үзгүлтүксүз билим берүүнү өнүктүрүүгө багытталган «К-12» билим берүү реформасы 2002-жылдан жүзөго ашырылууда. Билим берүү мекемелерине билим берүү Министрлиги (1957), билим берүү маселелери б-ча Жогорку Кеңеш ж-а Билим берүү ин-ту (2002) жетекчилик кылат. Билим берүү системасы мектепке чейинки (3төн 6 жашка чейин), милдеттүү башталгыч (6 жылдык), толук эмес орто (3 жылдык), толук орто (3 жылдык), кесиптик орто ж-а жогорку билим берүүнү камтыйт. Мамл., менчик ж-а көз каранды эмес мектептер (2002) бар. Калктын сабаттуулугу 15 жаштан жогору 89% ти түзөт (2004). ЖОЖдор, ил. мекемелер, китепканалар ж-а музейлер негизинен Дохада жайгашкан. Жетекчи кадрлардын Катар академиясы (2005) бар. Ил. мекемелер (баары Дохада) ж. б. иштейт.

Эмирдин жарлыктарын ж-а мыйзам чыгаруу актыларын чагылдыруучу алгачкы гезит 1961-ж. негизделген. 1969-ж. Маалымат департаменти негизделип (1998-ж. жоюлган), «Доха» журналын чыгара баштаган. 1970-жылдары апталык менчик журналдар, гезиттер чыга баштаган. 2002-ж. күн сайын «Ар-Райя» «Аш-Шарк», «Аль-Ватан», «The Peninsula» гезиттери, «Катар аль-Хайр», «Ад-Доха лиль-Джамиа» журналдары (араб ж-а англис тилинде) чыгып турган. Радио уктуруусу 1968-жылдан (алгач араб, 1971-жылдан англис, 1980-жылдан урду, 1985-жылдан француз тилдеринде), телекөрсөтүү 1970-жылдан (алгач араб, 1982-жылдан англис тилинде) иштейт. 1996-жылдан «Аль-Жазира ТВ» спутник каналы, 1993-жылдан кабелдик телекөрсөтүү иштей баштаган. 1975-ж. The Qatar News Agency – Улуттук маалымат агенттиги негизделген.

К. калкы миңдеген жылдар бою чатырларда жашаган. Курулуштар Осмон империясынын учурунда пайда болгон. 19-к-да К-да аль-Бида форту, азыр Амири-Диван өкмөт үйү, Эз-Зубар, Эль-Хаурдагы ж-а Эль-Вакра шаарчасындагы



Форт Эз-Зубара.

форттор, 20-к-дагы Умм-Салаль-Мухаммад форту, Абдалла бен Касем Аль Тани шейх үчүн курулган сарай ж. б. белгилүү. Форттор ж. б. курулуштардын дубалы таш же кыштан тургузулуп, чопо же гипс м-н шыбалган. Терезе, эшиктери Индия ж-а Чыгыш Африкадан алынып келген жыгачтан жасалган. Имараттардын үстүнкү бөлүгүнө желдеткич мунаралар салынган. 1960-жылдан К-да араб үлгүсүндөгү арх-ралык курулуштар пайда боло баштаган. Дохада Улуттук театр, Маалымат ж-а мад-т министрлиги (1982, арх. Ахмад Шайха, Ж. Коннелл ж. б.), Ан-Насер мечити (1986, арх. Анвар Атта), Аль-Кубиб мечити (1998) 1975-ж. Катар ун-т комплекси (арх. египеттик Камаль аль-Кафрави), 2000-жылдары Ислам маданий борбору, Барзан мунарасы, Ислам иск-во музейи, Улуттук китепкана, Сүрөт музейи, Улуттук костюм ж-а текстиль музейи ж. б. курулган. 1980-жылдардын башында Египет, Ирак, Франция, Италия ж-а АКШдан билим алып келген сүрөтчүлөр К-да сүрөт өнөрүнүн өнүгүшүнө зор салым кошкон. 1980-ж. Дохада Сүрөт өнөрүнүн Катар коому ж-а Эркин устакана түзүлгөн. 20-к-дын аягындагы белгилүү сүрөтчүлөр: Эркин устакананын негиздөөчүсү – Жасем Зайни, Султан Алсилайты ж. б. Мектептерде көркөм кол өнөрчүлүк, сүрөт тартуу чеберчилиги ж. б. үйрөтүлөт.

К-дын муз.-бий мад-ты араб, перс, инди, африка ж. б элдердин салттуу үлгүлөрүн ж-а жанрларын камтыйт. Бедуиндердин ар тармактуу ыр жанрлары бар. Салттык перс-араб муз. аспаптарын – най флейтасы, канун цитрасы, уд лютнясы ж. б. колдонушат. Жерг. калктын салттуу ыр, бийлери да бар.

Ад.: *Исаев В. А., Филоник А. О.* Государство Катар: проблемы развития. М., 1999; *Алексеева Н. Н.* Современные ландшафты зарубежной Азии. М., 2000; Катар// Большая Российская энциклопедия. Т. 13. М., 2009.

КАТАР АРАЛЫКТЫ ИШТЕТҮҮЧҮ МАШИ́НА. к. *Культиватор.*

КАТАРА́КТА (гр. katarrhaktes – шаркыратма) – көз чечекейинин тунарышы. Ал жарык нурунун өтүшүнө тоскоол болуп, көрүүнү начарлатат. Тубаса ж-а кийин пайда болгон түрү бар. Тубаса К. түйүлдүктө эле пайда болот. Анда чечекейдин тунаруусу жаш өткөн сайын өзгөрбөйт, туңук болуктор сакталып, көрүү анча начарлабайт. Кийин пайда болгон К-да тунаруу чечекейдин чет жагынан башталса, көрүүнүн начарлаганы көпкө чейин сезилбейт. Кийинчерээк четтеги тунаруу ортого чогулуп кошулганда көрүү начарлайт. Буга улгайгандардын К-сы мүнөздүү. Мында бүт чечекей бозоруп, көз дээрлик көрбөй калат. К-нын күчөшүнө кант диабети, көздүн көп оорушу, көздүн майып болушу, о. эле жогорку темп-ра ж. б. шарт түзөт. Чечекейдин тунарышы күчөгөндө хирург. жол м-н дарылайт. Айрым учурда жасалма чечекей коюлат.

Ад.: *Евграфов В. Ю., Батманов Ю. Е.* Катаракта. М., 2005.

КАТАР-ЖАҢГАК – Жалал-Абад обл-нун Базар-Коргон р-нундагы кыштак. Кызыл-Үңкүр айыл округуна караштуу. «Кызыл-Үңкүр» токой чарбасынын аймагында, Кара-Үңкүр суусунун оң жээгиндеги жапайы жаңгак-жемиш токоюнун арасында, деңиз деңг. 1080 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 62 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 95 *км*. Кыштак 1932-ж. негизделген. Калкы 1001 (2009); негизинен токойчулукта ж-а аарычылыкта эмгектенет. Кыштакка жакын балдар эс алуучу жайлар – «Медик», «Алтын-Булак» лагерлери, «Кара-Булак» турбазасы жайгашкан.

КАТАРЛАП СӨБҮҮ – дан эгиндерин сөбүү ыкмасы. Үрөн 10–25 *см* катар аралыкта дисктүү же сошниктүү сепкич м-н себилет. Дисктүү сепкичти таштак, нымдуу жерге, сошниктүүсүн майда топурактуу аянттарды айдоодо пайдаланса, үрөн белгилүү терендикте, текши себилип, жапырт өнүп чыгат. К. с-нүн кемчилиги: өсүмдүктөрдүн аралыгы узунунан алганда өтө эле

Катар акчасы.





жакын, катарынан алганда алыс болуп, өсүмдүктүн азыктануу аянты бир капталы кууш төрт бурчтук (12,5– 15×2 *см*) болуп калат. Бул кемчиликти *кайчылаш себүү* аркылуу жоюуга болот.

КАТАРСИС (гр. katharsis – тазартуу) – байыркы грек эстетикасында иск-вонун адамга таасирин мүнөздөгөн түшүнүк. «К.» термини гректерде диний, этикалык, физиол. ж-а мед. мааниде колдонулган. Трагедияга аныктама берип («Поэтика»), Аристотель боорукерлик ж-а коркунуч сезими аффекттерди тазартарын белгилеген. «Саясатта» музыка да адамга таасир тийгизип, аны «тазартат, б. а. ырахаттандырат ж-а жеңилдетет» деген. К-ке арналган ад-ттарда анын маңызы ж-дө бирдей пикир жок. З. Фрейддин окууларында «К.» термини психотерапиялык методдордун бирин белгилөө үчүн колдонулат.

КАТЕГО́РИЯ (гр. katēgoria – белги, ой-пикир) тил илиминде – семантикалык белгилердин жалпылыгы б-ча өз ара байланышкан ж-а өз алдынча бир система түзүп турган тилдик мааниле р. Кыргыз тилиндеги таандык, жак мүчөлөр үч жакты билдирүү м-н өз ара бирдик түзөт. К. түрлөргө семантикасына (денотациялык сөздүн өзү ж-дөгү, семантика-синтаксистик – сөздүн мааниси, колдонулушу ж-дөгү ж. б.), алардын тигил же бул тилде аткарар милдетине (граммат., граммат. эмес), айтылыш жолдоруна (морфол., лексикалык, синтаксистик) жараша ажырайт. Бир тилге зарыл К. экинчи бир тилге зарыл болбошу мүмкүн. Мис., род К-сы орус тилинде бар, кыргыз тилинде зарылдыгы жок. Жак К-лары лексикалык каражаттар м-н ишке ашат. Граммат. (зарыл) К. ошол тилде туруктуу иерархиялык система түзөт. Мис., кыргыз тилиндеги этиштерге жак, чак, сан, ыңгай, мамиле К-лары мүнөздүү.

КАТЕГОРИЯЛАР (философияда) – чындык ж-а тааным дүйнөсүндөгү көрүнүштөрдүн эң жалпы касиеттерин, катыштарын, мамилелерин чагылдыруучу өзөктүү, фундаменттүү филос. түшүнүктөр. К. таанымдын ж-а коомдук практиканын тарыхый өнүгүшүн теор. жалпылоонун натыйжасы катары түзүлгөн. Категория ж-дөгү окуу Аристотелге таандык, ал бардыгы 10 категория (маңыз, сан, сапат, катыш, орун, убакыт, аракет, жапа чегүү, ээлөө, абал) бар деп эсептеген. Азыркы учурда философтор диалектиканын материя, аң-сезим, кыймыл, убакыт, мейкиндик, маңыз м-н көрүнүш, мүмкүндүк м-н чындык, себеп м-н натыйжа, зарылдык м-н кокустук, мазмун м-н форма, бүтүн м-н бөлүк, сапат м-н сан, каршылык, карама-каршылык ж. б. башкы К-ы аркылуу бүткүл дүйнөнүн маңызын олуттуу түшүндүрүүгө болот деп белгилешет.

Ад.: *Левин Г. Д.* Философские категории в современном дискурсе. М., 2007.

КАТЕГОРИЯЛЫК ИМПЕРАТИ́В, к. *Так кесер императив.*

КА́ТЕТ [гр. káthetos – тик ылдый (перпендикуляр)] – тик бурчтуу үч бурчтуктун тик бурчун түзгөн, же, б. а. анын тик бурчун камтып турган жактары. Ар бир катет бир тар бурчтун каршысында жатат.

КАТЛА – Исландиянын түн[illegible]ундогу өчө элек эң чоң жанартоо. Бийикт. [illegible] м. Кальдерасынын диаметри 10 *км*. Дүйнө[illegible]ү эң ири Мюрдальсйёкюдль муздугунун т[illegible]-чыгыш бөлүгү м-н жабылып турат. 10-к-дан [illegible]ери 14 жолу катуу атылуулар, акыркысы 1918-ж. болгон. Муздук астында атылуу музду ургаалдуу эритип, суу ташкындап, жээкти суу басып калууга алып келет. Ошондуктан бул жанартоо Исландия үчүн дайыма коркунучтуу. Кийинки учурда К-нын активдешүүсү байкалууда.

КАТМАНДУ́ – Непал Королдугунун борбору (1769-жылдан), шаар. Катманду анчолунун (адм.-айм. бирдик) адм. борбору. Гималайдын тоо аралык өрөөнүндө, Жомолунгма (Эверест, 8848 *м*) чокусуна жакын жайгашкан. Калкы 911,1 миң (2009; агломерациясында 1,6 млн).



Катмандуга жакын жердеги дүйнөдөгү эң ири будда пагодасы.

Жолдор тоому. Эл аралык аэропорту бар. К-ну 723-ж. Непал монархы Гунакамадев негиздеп, Лалитпурдан борборду көчүрүп келген. Алгач Кантипур деп аталган. Шаардын негизги бөлүгүндө 17–18-к-дын мүнөздөрү сакталган. Борб. бөлүгүндө классицизм стилиндеги Нараянхити-Дарбар король ак сарайы (20-к-дын башы), Катх-Мандир жыгач пагодасы (1596), Бхимсен мунарасы (1825) ж. б. ак сарайлар ж-а «Хануман Дхока» (15–18-к.), Пашупатинатх (13-к.) храмдар комплекси, неоклассика стилиндеги ак сарайлар (20-к-дын башы) ж. б. бар. Катманду өрөөнүнүн арх-ралык эстеликтери (800дөн ашык) *Буткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. Шаарда көптөгөн кустардык көркөм оңорканалар (зер ж-а жасалга-колдонмо өнөр буюмдары, карапа; килем токуу), жеңил [буугаары–бут-кийим, текстиль (кебез кездеме), жут ж-а кийим тигүү], тамак-аш (кант), фармацевтика (дары чөптөрдүн негизинде), курулуш материалдар (цемент, кыш, черепица) ө. ж. ишканалары иштейт. К. – өлкөнүн ири маданий ж-а ил. борбору. Король академиясы, ун-ттер, коллеждер, кит[illegible]каналар (а. и. ири «Бир лайбрери», 14-к.; [illegible]ыркы миниатюралуу кол жазмалар топтом[illegible]ытеп сакталуучу жайында непал, невари, сан[illegible]рит ж. б. тилдердеги 15 миңден ашык кол [illegible]амалар сакталып турат (пальма жалбырагы[illegible]жазылган эң байыркы кол жазмага 1600 [illegible]ла), музейлер (а. и. улуттук, нумизматика); [illegible]еатр бар. Буддисттердин диний борбору. К-[illegible]о. кылымдын курулуштары сакталып, кыш[illegible]м-н жыгачтан салынган 2–3 кабаттуу үйлөр м-н кууш көчөлөр басымдуу. Шаардын борб. бөлүгүндө Тундикхел аянты, андан алыс эмес Непал королдорунун Нараянхити-Дарбар ак сарайы жайгашкан. Шаар жер титирөөдөн (өтө катуу 1833, 1934) жабыркаган. К. – туризмдин дүйнөлүк борборлорунун бири. Театр фестивалдары, Түш. Азия оюндары (1984, 1999) өткөрүлүп турат. К-нун чет жакасынан мрамор казылып алынат.

КАТМАР геологияда – ар кандай курамдагы, түрдүү түзүлүштөгү тектердин бир нече кабаттан турган жыйындысы. Ар бир кабаты литол. курамы м-н мүнөздөлөт. Чөкмө, жанартоо, метаморфизмделген тектердин ар бири өз алдынча же аралаш орун алат. Фациялык, литол., палеонтол. өзгөчөлүктөрү м-н айырмаланат. Геол. жашы, калыңдыгы ар кандай. Чек аралары стратигр. шкалага (жалпы ж-а жерг.) туура келбейт. Геол. практикада тоо тектерине тиешелүү ат колдонулат.

КАТМАРЛАНУУ геологияда – тоо тектеринин катталышы, бир нече кабаттын ирети м-н орун алышы. Чөкмө тектер м-н жанартоо тектери аралаш жайгашып, жалпы катмарды пайда кылышы мүмкүн. Ар бир кабат литол. курамы, өңү-түсү, түзүлүшү м-н айырмаланат. Катмарга айлануу процесси ирети м-н жүрөт. Мындай көрүнүш физ.-геогр. шартка байланыштуу. Кабаттар астынкы ж-а үстүнкү беттерден турат. Ар бир кабат беттелиши м-н болунот. Адегенде чөкмө тектер түз, тегиз, горизонталдуу орун алат. Тектон. кыймыл мындай катмарларды ийип чоёт, бүктөйт же ары-бери, өйдө-төмөн жылдырат, сындырып жарат. Мурдагы тартиби бузулат. Кээде катмарлар жарыш же кыйгач орун алат. Эгерде кабаттын калыңдыгы 1 *мм* болсо, аны микро, 1–5 *мм* – эң жука, 5 *мм* жука, 1–10 *см* орто, 1 *м*ден ашыгы калың кабат же катмар деп аталат. Чөкмө тектердин тынымсыз чөгүшүнөн калың, өзгөрүшүнөн жука катмарланат. Кокустан тектер чөкпөй калса, анда геол. тыныгуу деп аталат. Натыйжада кийинки чөкмөлөр туура эмес жайгашат. Бурчтук туура



Тоо тек катмарлануусунун типтери. А – катмарларга (1–6) болүнгөн кумдук кабаты: 1 – ритмдүү-иргелген ж-а горизонталь абалында жаткан катмарча; 2 – кыйгач катмарча; 3 – кыйгач толкундуу катмарча; 4 – толкундуу катмарча; 5 – жапыз толкундуу катмарча; 6 – горизонталь катмарча; Б – катмарсыз чопо.

эмес орун алуулар жүрөт. Айрым учурда конгломерат орун алат. Кээде мурдагы катмардын үстүн суу жеп, жемирип, эзип эритип, тегиз болбой толкун сыяктанып калат (к. *Схема*). Чөкмө тектердин катмарлануу тартибин изилдеп, ошол кездеги физ.-геогр. шартты, геол. абалды, жаныбарларын, өсүмдүктөрүн, тектон. кыймылдарды аныктоого болот.

Ад.: *Ботвинкина Л. Н.* Методическое руководство по изучению слоистости. М., 1975.

КАТМАР СУУЛАРЫ – чөкмө тектердин арасындагы ж-а суу өткөрбөөчү катмарлардын ортосундагы суулар. Терендикте саны м-н басымы артат. Суу өткөрбөөчү катмарлардын ортосунда кысылып, күчтүү басымга ээ болот. Тектон. жаракалар м-н өйдө көтөрүлүп чыгып, фонтан болуп атылат. Артезиан булактары пайда болот, к. *Артезиан булактары.*

КАТОВИЦЕ – Польшанын түштүгүндөгү шаар. Силезия воеводдугунун адм. борбору. Висла д-нын алабында жайгашкан. Калкы 307,7 миң (2008); өлкөдөгү эң ири Жогорку Силезия (калкы 2,5 млн) агломерациясынын борбору. Ири жолдор (а. и. эл аралык автомагистралдар) тоому. Эл аралык аэропорту бар. Алгач 1598-ж. жазма эстеликтерде эскерилет. Соңку готика стилиндеги Михаил Архангел жыгач костёлу (1510), неоготика стилиндеги Ыйык Мария бийкеч (1870), Ыйык Стефан (1894) костёлдору, өлкөдөгү неоклассика стилиндеги кафедралуу эң ири собор (1927–55) сакталган. К. – өлкөнүн оор ө. ж-нын ири борбору. Катовице мамл. көмүр холдинги Жогорку Силезиядагы көмүр бассейнинин иштеп жаткан шахталарын бириктирет. Кара ж-а түстүү металлургия, машина куруу (тоокен ө. ж. үчүн машиналар ж-а жабдуулар), жогорку технологиядагы электрон жабдууларын ж-а оптика приборлорун чыгарат, хим. (жер семирткич), тамак-аш, фарфор-фаянс, полигр. ө. ж. ишканалары иштейт. Курулуш индустриясы өнүккөн. Польша ИАнын бөлүмү, ин-ттар,

ИИИлердин филиалдары, 20дан ашык ЖОЖ (а. и. Силезия мед. ун-ти, 1948; Польшадагы эң ири), 9 академия (а. и. муз., экон. ж. б.), жогорку мектептер, музейлер, сүрөт галереясы, театрлар, филармония бар. Шаардын чегинде 12 парк (8и коргоого алынган), токой ж-а флора табигый коруктары уюштурулган. Эл аралык фестивалдар, конкурстар (дирижёрлордун ж. б.) ж-а соода ярмаркалары өткөрүлүп турат.

КАТО́Д (гр. káthodos – төмөн түшүрүү, кайрылуу) – 1) электрондун булагы болуп кызмат кылуучу электр боштугунун же газ разряддуу прибордун терс электроду. Ал электрод аралыгындагы мейкиндиктин боштуктагы же газдагы өткөрүмдүүлүгүн камсыз кылат. Электрондорду чыгарышына жараша термоэлектрондук, фотоэлектрондук ж-а муздак К. болуп айырмаланат; 2) ток булагынын (аккумулятор, гальвани элементтери ж. б.) терс электроду; 3) электр жаасынын, электролит ваннасынын ж. б. түзүлүштөрдүн ток булагынын терс уюлуна туташтырылуучу электроду. «К.» терминин 1934-ж. М. *Фарадей* киргизген.

КАТО́Д-ЛЮМИНЕСЦЕ́НЦИЯ – затты электрондор (катод нуру) м-н дүүлүктүргөндө (бомбалаганда) пайда болуучу люминесценция; радиолюминесценциянын бир түрү, мис., электр-нур түтүгүнүн экранынын жаркыроосу. Газ, мол. кристалл, кристалл-фосфор К.-л. жөндөмүнө ээ. Кристалл-фосфор электрондук нурдун таасирине туруктуу келип, жетишерлик жарык чыгарат, ошондуктан ал катод-люминофор катары колдонулат. К.-л-нын спектри фотолюминесценциянын спектрине окшош. К.-л. вакуум электроникасында колдонулат. К. л. кубулушу *лазерди* түзүүгө негиз болгон.

КАТОЛИЦИ́ЗМ (гр. Katholikós – жалпы, ааламдык) – христианчылыктагы негизги агымдардын бири (православие ж-а протестантизм м-н катар). Батыш Европа (Италия, Испания, Португалия, Германия, Франция, Бельгия, Ирландия, Австрия, Польша, Венгрия, Чехия, Словакия ж. б.) ж-а Латын Америка өлкөлөрүнүн көпчүлүк калкы К-ди тутат, о. эле Кубада, Балтика боюнда ж-а Беларуссия м-н Украинанын батыш обл-нда да католиктер басымдуулук кылат. К. динин туткандардын саны 1,7 млрд, а. и. 5 миң епископ, 400дөн ашык поп, 30 миңден ашык дьякон, 800 миң монахинья, 55 миң монах ж-а 100 миңдей дин семинариясы бар (2000). К. 3–5-к-да Рим империясынын батыш ж-а чыгыш бөлүгүндө пайда болуп, көп кылымдар бою Батыш Европада үстөмдүк кылган. Христиан чиркөөсү 1054–1204-ж. католик ж-а православие чиркөөлөрүнө бөлүнгөн. 16-к-да К-ден протестантизм ажырап чыккан. Католик чиркөөсүнүн уюштурулушу бекем борборлоштурулгандыгы ж-а иерархиялык мүнөзү м-н айырмаланат. Монархиялык борбору – *папачылык*, башчысы – *Рим папасы*, анын резиденциясы – *Ватикан*. К-дин расмий филос. доктринасы – неотомизм (Фома Аквинскийдин окуусуна негизделет). Диний ишеним окуусунун булагы – Ыйык жазуу (Библия) ж-а Ыйык уламыш. Католик чиркөөсү православие чиркөөсүнөн айырмаланып, догматтарды өнүктүрүү принцибин ж-а диний ырым-жырымдарды да колдойт. Бул принцип б-ча чиркөө соборунду жаңы догматтарды [Толед соборунда К-дин (Троица ж-дөгү) «филиокве» (лат. Filiogue – Кудайдан дагы) догматында Ыйык Рухту Ата Кудай гана эмес, Уул Кудай да жараткан деп эсептейт (589); Ферраро-Флорентий соборунда «тазартуу» тууралуу догмат (1439); I Ватикан соборунда Рим папасынын жаңылбастыгы (К-де дин кызматкерлери никеге кирбөөгө, үй-бүлө, бала, чарба күтпөөгө ант беришет) ж-дөгү догмат (1870); Ыйык Мариянын айыпсыз кош бойлуу болушу ж-дө догмат (1954); Ыйык Мариянын өлгөндөн кийин кайып болуп кетиши тууралуу догмат (1950) ж. б.] кабыл алууга толук укуктуу. К. Рим папасын чиркөө башчысы гана эмес, Христостун мурасчысы, христиандардын атасы ж-а устаты деп атайт. К-де дин кызматкерлери Кудайды нан ж-а вино (нан – Христостун денесинин, вино – канынын символу) м-н эскерип, үстүнөн суу куюу аркылуу чокундуруу ырымы аткарылат. Католиктер латын тилинде жазылган Библияны гана мыйзамдуу (канондуу) деп эсептешип, аны башка тилдерге которууга тыюу салышкан. 1962-жылдан II Ватикан соборунун чечими м-н диний кызмат жерг. элдин тилинде жүргүзүлөт. Рим-католик чиркөөсү өз бийлигин динсиз мамлекеттерге орнотууга ж-а аларды саясий тескөөгө алууга умтулган. Ошондуктан Батыш Европанын о. кылымдардагы тарыхы Рим папаларынын чиркөөгө баш ийбеген динсиз мамлекеттерге каршы тынымсыз күрөшү м-н коштолгон. К-де зомбулук христиан динин орнотуунун, таратуунун ж-а коргоонун негизги каражаты болуп саналган. Ошол максатта католиктер тарабынан түзүлгөн аскерлештирилген уюмдар ж-а кечилдик ордендер еретиктерге каршы күрөшүп, инквизиция сотун негиздешкен. Кудайды тааныпбилүү акыл м-н илимдин жардамысыз эч мүмкүн эмес деген түшүнүк калыптанган. Азыркы К-де катуу тартипти карманган дин кызматчыларынан турган армиясы, көптөгөн монахтык ордендери, миссионердик, кайрымдуулук ж. б. диний уюмдары ж-а мекемелери, о. эле саясий партиялары, профсоюздары, жаштар ж-а аялдар бирикмелери ж. б. светтик массалык уюмдары бар. Диний идеология ж-а социалдык-саясий идеяларды таратуу үчүн радио, кино, телекөрсөтүү, басмакана ж-а католиктик окуу жайлары пайдаланылат. *Т. Өмүрова.*

КАТО́Н улуусу (же Ц е н з о р) Марк Порций (б. з. ч. 234, Тускулум – 149, Рим) – римдик жазуучу, чечен, рим ад-тын негиздегендерден ж-а мамл. ишмер (б. з. ч. 195-жылдан консул). Карфагендин элдешпес душманы, эски рим адепахлагын жактоочу. К. – «Башталыш» аттуу Римдин 1-тарыхынын, көптөгөн каттардын автору. Анын «Дыйканчылык жөнүндөгү» (160-ж. чен) трактаты сакталып калган.

КАТРАҢ-БАШЫ АЛЮМИ́НИЙ КЕНИ Баткен обл-нун К. [illegible]мжай р-нунда, Түркстан–Алай кырка тоосунун түн. капталында, Катраң-Башы тоосунда, [illegible]з деңг. 1450–3000 *м* бийикте. Издөө иштерх [illegible]64–73-ж. жүргүзүлгөн. Кен аймагы девон м[illegible]лгачкы таш көмүр мезгилиндеги карбонат [illegible]тмарларынан түзүлгөн. Алардын диаспор-тектерлүү курамында бокситтин 100дөй жикчеси бар. Алюминий кычкылынын өлчөмү 38,38–62,76%, оттук таш модулу 2р–8,4. Алюминий кычкылынын болжолдуу запасы 4110 миң *т*.

КАТТАМА – жука жайылган камырдын бетине сары май же каймак сүйкөлүп, бир нече катталып бышырылган нан. К. ачыбаган жаңы камырдан жасалат. Анын пияздуу К. (камыры пияз чыкка жуурулат), жыттуу К. (камыры сүткө жуурулуп, зире, сейдене кошулат) ж. б. түрү бар. Катуу жуурулган камыр тыныккан соң, үбөлүктөлүп, бетине каймак же май сүйкөлүп, жумурулап катталып, төгөрөктөп оролуп, кайрадан жука жайылат. К-нын кабаты көп болсун үчүн жогорку ыкма дагы 2, 3 ирет кайталанат. Казанга (кээде көмөч казанга) азыраак сары май куюп, кызыганда камырды салып, адегенде наркы бетин, анан берки бетине оодарып, кызарганча бышырат. Чети жабышып кетпес үчүн улам кашыктап май куят. К-нын кабаты канчалык көп болсо, ал ошончолук даамдуу болуп, жегиликтүү келет.

КАТТАХАЗ КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ Ош обл-нун Кара-Суу р-нунда, Ош ш-нан 2–3 *км* түш.-батышта, Ак-Буура суусунун сол жээгинде, деңиз деңг. 1000–1300 *м* бийикте. 1977-ж. Түш. Кыргыз геол. экспедициясы чалгындаган. Калыңдыгы 30 *м*ден 70 *м*ге жеткен плиоцен-төмөнкү төртүнчүлүк мезгилиндеги аллювий кум-шагылдан түзүлгөн. Кум-шагылдын астында конгломераттар жатат, калыңдыгы 7,5–10 *м*ге жеткен кумайлуу чопо м-н жабылып калган. Кошундуда 25,5% койташ, 52% шагыл, 22,5% кум бар. Кум-шагыл «300» маркадагы бетон даярдоого жарамдуу. Запасы А+В категориясы б-ча – 6000 миң $м^3$, C_1 – 9700 миң $м^3$, А+В+C_1 – 15700 $м^3$. 1997-жылга карата баланстагы запасы: А – 122 миң $м^3$, В – 1841 миң $м^3$, А+В – 1963 миң $м^3$, C_1 – 9700 миң $м^3$, А+В+C_1 – 11663 миң $м^3$.

КАТУ́ЛЛ Гай Валерий (б. з. ч. 87 же 84, Верона – б. з. ч. 54-ж. чен, Рим) – рим акыны. «Неотерик» акындар (Цицерондун аныктамасы б-ча «жаңы акындардын») ийриминин эң бараандуусу. Сүйүү лирикасы күчтүү сезими м-н айырмаланат. Көбүн эсе сүйүү ырларынын, эпиталамалардын, эпиграммалардын, «Пелея менен Фетиданын үйлөнүү тою», «Аттис» сыяктуу поэмалардын автору.

КАТУ́НЬ – Алтай Респ. м-н Алтай крайы аркылуу аккан дарыя. Бий суусу м-н кошулуп, Обь д-н түзөт. Уз. 688 *км*, алабынын аянты 60,9 миң $км^2$. Белуха чокусунун түш. капталындагы Катунь мөңгүсүнөн башталат. Ортоңку агымында кенен өрөөн аркылуу салааланып агат; төмөн жагында салыштырмалуу кууш өрөөн аркылуу агып, айрым жерлеринин жазылыгы 4 *км*ге жетет; чатына 70 *км* жетпей түздүккө чыгат. Мөңгү ж-а кар сууларынан куралат. Суусунун жылдык орт. чыгымы Сростка кыш. тушта 629 $м^3/сек$. Башатында декабрдан, төмөнкү агымында ноябрдын аягынан апрелдин 1-жарымына чейин муз каптайт. Ири куймалары: Аргут, Чүй (оң), Кокса, Сема (сол). Чатынан 75 *км* аралыкка чейин кеме каттайт. Сал агызылат. Алабынын жогорку бөлүгүндө Катунь коругу уюшулган. Өрөөнү аркылуу Чүй тракты (Бийск ш-нан Россия – Моңголия чек арасына чейин созулган автомобиль жолу) өтөт. «Катунь» топоними байыркы түрк тилинде – «дарыя» деген маанини билдирет.

КАТУ́НЬ КЫРКА ТООСУ – Алтайдын эң бийик тоолорунун бири; Алтай Респ-нын аймагында. Катунь, Аргут, Берель д-нын суу бөлгүчү. Дого сымал ийилип 150 *км*ге созулат. К. к. т-нда Алтайдын эң бийик (4506 *м*) чокусу – Белуха жайгашкан. Бийик тоо рельефи басымдуу. Капталдарын ээлеген күңүрт-ийне жалбырактуу тоотайга (кедр, карагай, көк карагай) токою ж-а жайдак аскалардын (гольцтордун) астындагы токой (кара карагай, кедр) ж-а сейрек токой 200–2200 *м* бийикте тоо тундрасы, өскүлөң шалбаалуу субальп ж-а жапыз өскөн шалбаалуу альп зоналары м-н алмашат. Тоо кырларында ж-а чокуларында өрөөн ж-а өрөөн-төр тибиндеги мөңгүлөр (390дөн ашык, жалпы аянты 283,1 $км^2$) бар; ирилери: Мөңсу, Берель, Катунь ж. б. Кырка тоонун чегинде Катунь коругу бар.

КАТУУ БУУДАЙ (Triticum durum L/) – буудайдын түрү. Эгилген аянты б-ча буудай түрлөрүнүн ичинен дүйнөдө экинчи орунда. 120дан ашык түрү белгилүү. К. б. күздүк ж-а жаздык, о. эле кош сапаттагы формага ээ. Даны машагында тыгыз жайгашкан. Даны жумшак буудайдын данынан чоңураак, негизинен айнек сымал жалтырак, сапаттуу таза ун көп чыгат. Белогу сортуна жараша 14–20% ке чейин болот. Клейковинасы да жумшак буудайдыкынан жогору. Бирок унунан бышырылган нан жакшы көппөйт. Себеби клейковинасынын сапаты төмөн. Унунан негизинен сапаттуу макарон, вермишель, кесме, шак, майда акшак алынат. К. б. көбүнчө Россия, Казакстанда (К. б. өстүрүү б-ча дүйнөдө алдыңкы орунда) эгилет. Кырг-нда К. б. аз аянтта эгилет ж-а сугат жерлерде 60–70 *ц*ге чейин түшүм берет. *Г. Ф. Эшимкулова.*

КАТУУ ДИСК, винчестер – дисктин бир түрү. Бир нече диск цилиндр сыяктуу биринин үстүнө экинчиси жайгаштырылып, айландыруучу моторго туташтырылган ж-а ар бир диск окуу-жазуу куралы м-н камсыз кылынган түзүлүш. *Флоппи дискке* караганда К. д-те жетүү өтө тез аткарылат ж-а анын эсинин көлөмү чоң. К. д-ти сактоо мүмкүнчүлүгү: берилиштер К. д-тин эки тарабына (бетине) сакталат. Эгерде диск киргизгичте бир К. д. орнотулса, анда сактоо үчүн эки бет, эгерде эки К. д. болсо анда төрт бет ж. б. пайдаланылат. Дискет сыяктуу К. д-ти да колдонуу алдында калыптап (форматтап) алуу керек. *Форматтоо* алдында колдонуучунун каалоосу м-н К. д-ти логикалык диск деп аталган бир нече бөлүккө бөлүп коюу мүмкүнчүлүгү каралган. Ар бир логикалык диск өзүнчө диск катары каралып, аларга ар башка бөлүмдөрдүн берилиштерин сактоого, о. эле бөлүктөрдүн ар бирине ар башка иштетүү системасын орнотууга болот. Жеке компьютердеги К. д-тин логикалык бөлүктөрү Сден башталып, латын ариптеринин ирети м-н аталат. А ж-а В ариптери м-н флоппи диск тейлегичтери белгиленет. К. д-тин көлөмү мегабайт, гигабайт, терабайт же петабайт м-н өлчөнөт. Заманбап жеке компьютердин К. д-теринин сактоо көлөмү бир гигабайттан бир нече ондогон гигабайтка чейин жетти. Бир гигабайт эске ар бир барагы 2000 символдон турган 500000 барак маалымат сакталат.

КАТУУЛАНУУ нерсенин – суюктуктун катуу кристаллдык абалга өтүшү; б. а. *кристаллдашуусу.* Кээде суюктуктун аморфтук катуу абалга өтүшү, о. эле реакцияга жөндөмдүү олигомерлердин эрибеген полимерлерге айланышы да К. деп аталат.

КАТУУЛУК физикада – материалдын бекемдигин ж-а ийилгичтигин мүнөздөөчү мех. касиет. 1) К. изилденүүчү материал бетине шарикти матыруу же учтуу призма аркылуу из калтыруу жолу м-н аныкталат. К-ту аныктоодо бир канча ыкмалар белгилүү. Виккерс (англ. аскер-өндүрүш концерни «Виккерс») ыкмасында стандарт өлчөмдө жасалган алмаз пирамидасынын учтуу учун бети жылмаланган нерсеге матырып басуу күчүнүн 1 $мм^2$ аянтка из (так) калтырышы аркылуу К. аныкталат. Швед инженери Ю. А. Бринеллдин ыкмасы б-ча К. шариктин басуу күчүнүн, шарик калтырган издин аянтына болгон катышы аркылуу, амер. металлург С. П. Роквеллдин ыкмасы б-ча К. шариктин же призманын басуу күчүнүн пайда болгон издин терендигинин бийиктигине болгон катышы аркылуу аныкталат. Минералогияда К. Моос шкаласы б-ча эсептелет; 2) констр. элементтин деформацияга (созуу, ийүү, толгоо ж. б.) каршылык көрсөтүүсү, ал материалдын кесилишинин геом. мүнөздөмөсүнө ж-а физ. касиетине (серпилгичтүүлүк модулуна) коз каранды.

КАТУУ НЕРСЕ – заттын агрегаттык абалынын бири. Ал туруктуу формага ээ. Аны түзгөн атомдор өзүнүн тең салмактуу абалынын айланасында кичине (жылуулук) термелүүдө болот. К. н. кристаллдык жана аморфтук болуп бөлүнөт. Кристаллда атомдордун ж-а молекулалардын жайгашуу белгилүү тартипке ээ, ал эми аморфтук К. нин бөлүкчөлөрү (атом ж-а молекулалары) тартипсиз жайгашып, чекиттердин айланасында термелип турат. К. н-де иондуу, коваленттүү, металлдык ж. б. байланыштар болгондуктан, ал ар кандай физ. касиеттерге ээ. Мис., иондуу байланыштагы зат (диэлектрик) морт, ал эми металлдар өтө пластикалуу (чоюлгуч, ийилгич ж. б.). К. н-нин электр, магнит ж-а кээ бир жылуулук касиеттери негизинен анын атомдорунун валенттүү электрондорунун кыймыл түрү м-н аныкталат. Кыймыл түрү болсо байланыштын тиби м-н шартталат. К. н. электрдик касиети б-ча диэлектрик, жарым өткөргүч ж-а металл болуп бөлүнөт; магниттик касиети б-ча диамагнетик, парамагнетик ж-а магнетик структурасы иреттелген нерселер болуп айырмаланат.

КАТЫК – суюк тамактарга кошулуучу курут, сүзмө, айран, жуурат ж. б. сүт азыктарынын жалпы аталышы.

КАТЫН-АРТ АШУУСУ Алай кырка тоосунда. Алай (түш.) ж-а Гүлчө (түн.) өрөөндөрүн байланыштырат. Бийикт. 3514 *м.* Тоо кыркаларынын ашуудан салыштырмалуу бийикт. 200–300 *м.* Ашуунун бели анча татаал эмес. Тоо кырлары тайпак, түздүктүн калдыктары кездешет. Негизинен палеозойдун акиташ тектеринен түзүлгөн. Ашуу аркылуу Ош – Хорог автомобиль жолу өтөт.

КАТЫНЬ (Катынь токою) – Смоленск обл-ндагы 1940-ж. жылдын жазында СССР Ички иштер эл комиссариатынын (ИИЭК – НКВД) кызматкерлери тарабынан атылган, польшалык инсандар (айрыкча туткунга түшкөн поляк армиясынын офицерлерин) көмүлгөн жер. 1939-ж. августта СССР м-н фашисттик Германиянын ор-

Катынь мемориал комплексинин салтанаттуу ачылышы.





Катынь комплексинин ритуал аянтчасы.

тосунда өз ара кол салбоо ж-дө пакт түзүлгөн. Пакт б-ча Польшанын батыш аймактары Германияга, чыгыш аймактары СССРге карамак болгон. 1939-ж. сентябрда Германия Польшага кол салып, 10 күндө караткан. Румынияга качкан Польша өкмөтү туткунга алынып, эркиндиги чектелген. 1939-ж. Кызыл Армия Украина, Беларуссиянын батыш аймактарын ж-а Польшанын чыгыш аймактарын караткан. Кызыл Армияга каршылык көрсөткөн поляк офицерлери, интеллигенция өкүлдөрү туткунга алынып, түрмөгө, лагерлерге камалып, 1940-ж. ИИЭК кызматкерлери тарабынан Катынь токоюнда (Беларуссия) атылган. 1943-ж. жерг. элдин маалыматы б-ча атылгандардын сооктөрүн Катынь токоюнан поляктар тапкан. Совет бийлиги 1990-ж-га чейин Катынга тиешеси жок экендигин билдирип, бүт жоопкерчиликти Германияга жүктөгөн. 1990-ж. СССРдин башкы аскер прокуратурасы тарабынан К. ж-дө иш козголуп, ал 2004-ж. жабылган. 183 томдон турган К. ж-дөгү иштин ичинен РФ 67 томду гана Польшага берип, калган 116 том РФтин мамл. сыры катары эсептелгендиктен, Польшага берилген эмес. Архив документтери б-ча Батыш Украина м-н Батыш Беларуссияда жалпысынан 21 857 киши атылган, а. и. Катынь токоюнда 4 421, Харьковдо 3 820, Калининде 6 311 ж-а лагерлер м-н түрмөлөрдө 7 305 киши өлгөн. Туткунга түшкөндөрдүн арасында келечектеги Польшанын президенти Войцех Ярузельский, Израилдин премьер-министри Менахем Бегин да болгон. К. Польша м-н Россиянын мамилелерине терс таасир тийгизген. 1989-ж. К. мемориал комплекси орнотулган. *Т. Жоробеков.*

КАТЫРАҢ – Баткен обл-нун Лейлек р-нундагы кыштак. Катыран айыл округуна караштуу. Козу-Баглан суусунун боюнда, деңиз деңг. 1190 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Исфана ш-нан 60 *км* чыгыш тарапта. Пролетарск т. ж. бекетинен (Тажикстан) 114 *км.* Калкы 4197 (2009); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Эки орто мектеп, китепкана, клуб, кесиптик-тех. лицей, ооруканa, дарыкана

бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, соода түйүндөрү, базарча, тамактануу жайлары иштейт.

КАТЫРАҢ ТООСУ Фергана ойдунунун түштүгүндө. Чыгышында Охна-Тамаша ойдуну, батышында Бели-Сынык тоосу, Кара-Токой–Айдаркен ойдуну ж-а Фергана ойдунунун адырлары жатат. Кадамжай р-нунун аймагында. Уз. 44 *км*, эң жазы жери 8 *км*, орт. бийикт. 3000 *м*, эң бийик жери 3375 *м* (Катыран чокусу). Палеозой заманында пайда болгон акиташ тегинен, тоо этектери неогендин борпоң чөкмөлөрүнөн турат. Тоонун түн. бөлүгүнөн байыркы муз каптоонун издери байкалат. Ландшафты бийиктик б-ча өзгөрөт. Капталдарында талаа ж-а шалбаалуу талаа, токой, альп ж-а субальп шалбаа өсүмдүктөрү өсөт. Жайыт.

КАТЫШ – бирдей өлчөмдөгү (бир тектүү) эки чондуктун бирин экинчисине болгондогу тийинди, б. а. алардын бөлүү жолу м-н салыштырылышы. Бирдей өлчөмдөгү чондуктардын (убакыт, аралык, аянт, көлөм, салмак ж. б.) К-ы алардын сан өлчөмдөрүнүн К-ы м-н аныкталат да, алардын өлчөө бирдиктерине көз каранды болбойт. Тийиндидеги бөлүнүүчү К-тын мурунку, бөлүүчү анын кийинки мүчөсү деп аталат. Мис., $a:b=c$ болсо, анда a – К-тын мурунку, b – анын кийинки мүчөсү болот. К-тын касиеттери тийиндинин же болчөктүн касиеттеринен эч айырмаланбайт, а. а. эгер $a:b=c$ болсо, анда 1) $a=bc$; 2) $b=\frac{a}{c}$; 3) $ak:bk=c$; 4) $\frac{a}{k}:\frac{b}{k}=c$; 5) болчөктүү сандардын К-тарын бүтүн сандардын К-тары м-н алмаштырууга болот: $3\frac{2}{3}:\frac{1}{5}=\frac{11}{3}:\frac{1}{5}=\frac{55}{15}:\frac{3}{15}=55:3$. Бир тектүү чондуктардын К-ы *пайыз (процент)* аркылуу туюнтулат. Мис., китепканадагы 20000 китептин 6000и кыргыз тилинде десек, кыргызча китептердин саны алардын жалпы санына карата кандайча катышат? 6000:20000 = 0,3, издеген катыш 0,3 же 30% болот. Эки же бир нече барабар К-тар *пропорцияны* түзөт.

КАТЫШ ИДИШТЕР – түп жагы (негиздери) өз ара байланышкан идиштер. Капилляр түтүкчөсүнүн диаметринен чоң диаметрлүү К. и-ге бир тектүү суюктук куюлса, анын формасына карабай суюктуктун деңгээли бирдей болот (1-сүрөт). Суюктук манометри, буу казандарынын суу өлчөгүч айнек түтүкчөлөрү К. и-ге негизделген. Эгерде К. и-ге бир тектүү эмес, тез аралашып кетпеген



1-сүрөт.



2-сүрөт.

суюктуктар куюлса, анда ал суюктуктардын деңгээли тыгыздыгына жараша ар түрдүү болот, б. а. $\rho_1 h_1 = \rho_2 h_2$, мында ρ_1, ρ_2 – суюктуктардын тыгыздыктары, h_1 ж-а h_2 суюктуктардын тийишип турган бетинен жогору жагы (2-сүрөт). $\rho_1 h_1 = \rho_2 h_2$ байланышы аркылуу бир суюктуктун тыгыздыгы белгилүү болсо, экинчи суюктуктун тыгыздыгын аныктоого болот.

КА́УНАС (1917-ж. чейин К о в н о) – Литвадагы шаар. Каунас уездинин адм. борбору. Нямунас (Неман) д-ндагы порт. Калкы 355,5 миң (2008); калкынын саны б-ча өлкөдөгү Вильнюстан кийинки 2-шаар. Эл аралык аэропорту бар. Тогуз жолдун тоому. Алгач 1030-жылдан эскерилет. 1795-жылдан Россия империясынын курамында болгон. 1919–40-ж. Литва Респ-нын борбору. Готика стилиндеги шаар сепили (13–17-к.) ж-а Витовта костёлу (14–15-к.), Пятро ир Повило кафедралуу собору (15–16-к.), барокко стилиндеги ратуша (16–18-к.), иезуиттер чиркөөсү (1666), монастырь (17-, 18-к-дын башы) ж. б. сакталган. Шаардын жаңы бөлүгү 19-к-дын орто ченинен курула баштаган. Витовта аскер музейинин мунарасына 1935-ж. карийон (коңгуроо топтомдорунан турган клавишалуу механизм; 1958-, 2006-ж. жаңыртылган) орнотулган. Машина куруу (станок, электр моторлору, телевизор, мед. жабдуулар ж. б.), металл иштетүү, тамак-аш (эт, сүт, сыр ж-а макарон азыктары), полигр., хим. (жасалма була), фармацевтика, кагаз, полигр., курулуш материалдар ө. ж. ишканалары, ГЭС иштейт. Салттуу жеңил (трикотаж, жүн, жибек буюмдар, бут кийим ж. б.) ө. ж. жана көркөм кол өнөрчүлүк (булгаарыга наар түшүрүү, жүндөн ж-а жыгачтан буюм жасоо, көркөм карапа) өнүккөн. Алкоголдуу ичимдиктерди өндүрүүчү «Stumbras» (1906) ж-а макарон азыктарын чыгаруучу «Amber Pasta» ири компаниялары иштейт. ИИИлер (бакчылык, токойчулук, энергетика), ун-ттер, мед. ветеринария, а. ч. академиялары, эл аралык менежмент мектеби, 3 театр (а. и. драма, муз., куурчак), калк китепканасы, 40ка жакын музей (а. и. М. К. Чюрлёнис атн. сүрөт, ад-т, тарых, зоол., ж. б.), сүрөт галереясы бар. Эл аралык «Каунас-жаз» ж. б. муз. фестивалдар ж-а коңгуроо музыкасынын концерттери (1956) өткөрүлүп турат. Зоол. (1938) ж-а ботан. (1932) бактар уюштурулган. Туризм өнүккөн.

КАУСТОБИОЛИТТЕР (гр. kaustos – күйүүчү, bios – тиричилик, lithos – таш) – орг. жол м-н пайда болгон күйүүчү кен байлык. Өсүмдүктөр м-н жаныбарлардын калдыктарынан ж-а алардын геол.-хим. факторлордун натыйжасында өзгөрүп кетишинен келип чыгат. Алар көмүр (чым-көң, күрөң ж-а таш көмүр, күйүүчү сланецтер) ж-а нефть (асфальт, озокерит, күйүүчү газ) болуп эки топко бөлүнөт. Көмүр тобуна кирүүчүлөр алгачкы затына ж-а пайда болуу шартына жараша сапропелит, [illegible]ат ж-а липтобиолиттерден турат, к. *Көмүр* [illegible] *Зери*.

КА́УТСКИЙ Карл, К а р л [illegible] г а н н (16. 10. 1854, Прага – 17. 10. 1938, А[illegible]ердам) – германиялык социал-демократиян[illegible] ж-а 2-Интернационалдын жетекчилерини[illegible] бири, тарыхчы, экономист, философ, публицист. 1874–79-ж. Вена ун-тинде тарых, философия, экономика ж-а юриспруденцияны окуган. 1875-ж. Австрия социал-демокр. жумушчу партиясына кирген. 1880–82-ж. Цюрихте иштеп жүргөндө Э. Бернштейн м-н достошкон. 1881-ж. Лондондон К. Маркс ж-а Ф. Энгельс м-н таанышып, рев-ялык марксизм позициясына өткөн. 1883–1917-ж. Германия социал-демокр. партиясынын ж-а 2-Интернационалдын теор. органы – «Die Neue Zeit» журналынын редактору. 1885-жылдан Лондондо жашап, 1890-ж. Германияга кайткан. 1880–90-жылдары «Карл Маркстын экономикалык окуусу» (1887), «Томас Мор ж-а анын утопиясы» (1888) ж. б. эмгектеринде Маркс м-н Энгельстин саясий, экон., социол. ж-а филос. идеяларын системалаштырган. 1891-ж. өзү иштеп чыккан Германия социал-демокр. партиясынын программасынын негизинде «Эрфрут программасына комментарийлер» (1892) жарык көргөн. 20-к-дын башында К. Россия ж. б. Чыгыш Европа өлкөлөрүндөгү рев-ялык кыймылдын өнүгүшүн анализдөөчү эмгектерди жараткан. «Славяндар жана революция» макаласында (1902-ж. «Искра» гезитине басылган) дүйнөлүк пролетардык рев-янын өнүгүшү үчүн славян дүйнөсүндөгү рев-ялык окуяларды чагылдырган. Орус пролетариатынын рев-ячылдыгы Батыш Европа үчүн үлгү деп баса белгилеген. К. 1905–07-ж. Россиядагы рев-яны кубаттап, «Россиядагы дыйкандар жана революция» (1905, орус тилинде), «Кыймылдаткыч күчтөр жана орус революциясынын перспективалары» (1907, орус тилинде) ж. б. китепчелерди даярдаган. Кийинки мезгилдерде К. социал-демократия бийликке рев-ялык жол м-н эмес, парламенттик демократиянын механизмдери аркылуу келиш керек деген оюн билдирген. 1914-ж. К. азыркы капитализмдин ультраимпериализм теориясын иштеп чыккан. Ал теория б-ча В. И. *Ленин* ж-а солчул социал-демократиянын өкүлдөрү иштеп чыккан империализм – бул капитализмдин өнүгүшүнүн акыркы баскычы деген тезисин жокко чыгарган. 1-дүйнөлүк согуштун башталышында К. улутчул позициядагы германиялык өкмөттүн өкүлдөрүнө каршы чыгып, Германия көз каранды эмес социал-демокр. партиясынын лидерлеринен болгон. Россиядагы *Октябрь революциясын (1917)* кабыл албай, большевиктердин саясаты демократия м-н социализмдин идеяларына татыктуу эм[illegible]еп эсептеген [«Пролетариат диктатурасы», [illegible]рроризм жана коммунизм», орус тилине 19[illegible]. которулган]. Германиядагы Ноябрь рев-яс[illegible]18) мезгилинде немис социал-демократияс[illegible] оппортунисттик багытын колдогон. 1922-ж[illegible]рмания социал-демокр. партиясына кайра [illegible]ен. 1920–30-жылдары марксисттик философ[illegible] м-н социологиянын өнүгүшү тууралуу эмгектерин жазган («Үй-бүлө жана никенин пайда болушу», «Христианчылыктын келип чыгышы», «Тарыхты материалисттик түшүнүү» 1–2-т.). 1938-ж. Австрия аншлюсунан кийин К. Чехословакияга, андан ары Нидерландга кеткен.



Ад.: *Клямкин И. М.* Революционный марксизм против методологии ревизионизма и центризма. Воронеж, 1988; *Петренко Е. Л.* Каутский: очерк социалистических воззрений. М., 1991.

КАУЧУКТУУ ӨСҮМДҮКТӨР – айрым органдары ж-а ткандары каучук пайда кылып, аны топтоочу өсүмдүктөр (гевея, көк сагыз ж. б.). К. ө-дүн ар кандай тукумдарга кирген 1500дөн ашык түрү белгилүү, бирок азы гана ө. ж-да керектелет. К. ө. каучук топтолуучу ткандарына карата латекстик (каучук сүт ширесинде), хлоренхималык (өркүн м-н жалбырактын жашыл тканында) ж-а паренхималык (сабак, тамырында) болуп бөлүнөт. Булардын ичинен латекстүү дарактарда (гевеяда) каучук өтө көп, оңой алынат, ал дүйнөдөгү алынуучу каучуктун 95%ин берет. Калган 5%и башка тропик дарактарынан (сапиум, маннок, фикус, кастилла ж. б.) алынат. Латекстик К. ө. (тоо сагыз, көк сагыз ж. б.) мелүүн алкакта, КМШ өлкөлөрүндө өсөт.

КА́ФЕДРА (гр. kathédra – отургуч) – 1) Байыркы Грекияда ж-а Римде философтор ж-а чечендер чыгып сүйлөөчү бийик орун; 2) христиан чиркөөсүндө үгүт-насыят айтуу үчүн секиче; 3) Таатибадат кылуу учурунда епископ отуруучу орундук; 4) лекция, доклад ж. б. окулуучу бийик орун; 5) ЖОЖдордо бир же бир нече илим б-ча окутуу, методикалык ж-а ил.-из. иштери, ил.-пед. кадрларды даярдоо ж. б. маселелер жагынан баш кошкон профессорлор ж-а окутуучулар бирикмеси. К-ны негизинен проф., илимд. доктору башкарат. Кырг-ндын ЖОЖдорунда түрдүү К-лар иштейт.

КАФИРНИГА́Н – Тажик Респ-ндагы дарыя, Аму-Дарыянын оң куймасы. Уз. 387 *км*, алабынын аянты 11,6 миң *км*². Ысар кырка тоосунан башталып, Ысар өрөөнү ж-а анын түш.-батышындагы тоолор аркылуу агат. Орт. чыгымы 156 *м³/сек*. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Орджоникидзе-Абад ш. жайгашкан.

КА́ФКА Франц (3. 7. 1883, Прага – 3. 6. 1924, Вена, сөөгү Прагага коюлган) – австралиялык жазуучу. 1901–06-ж. Париж ун-тинин юридика ф-тинде окуган. Чыг-лыгы 1909-жылдан башталган. «Өкүм» (1913), «Кочегар» (1913), «Кубулуу» (1916), «Америка (1914), «Процесс» (1915), «Сепил» (1922) романдарында ж-а икая формасындагы аңгемелеринде бурж. дүйнөдөгү адамдын трагедиялык турмушу, алсыздыгы көрсөтүлгөн. Коркунучтуу окуяларды ж-а таң каларлык кубулуштарды сүрөттөөдө («Кубулуу» жыйнагы, 1916) чындыктын өзүнө окшотуп жазган стили м-н өзгөчө таасирдүүлүккө жеткен. Мүнөзгө эмес, мүнөздүүлүккө (коркуу, өкүнүү, куса болуу ж. б. учурларга) өзгөчө көңүл бурганы К-ны экспрессионисттерге жакындаштырат. Айрым чыгармалары кыргыз тилине которулган.



Чыг.: Избр., М., 1989; Кубулуу. «Тулпар»,– № 1–2, 1993.

Ад.: *Затонский Д. В.* Кафка и проблемы модернизма. 2-е изд. М., 1972; *Зусман В. Г.* Художественный мир Ф. Кафки: Малая проза, Н. Новгород, 1996.

КАХЕКСИ́Я (kakós – жаман ж-а héxis – абал) – организмдин өтө начарлап, физ. алсыздануусу. Мында өтө арыктап, тери бырышып кургайт, бардык орган ж-а ткандары жабыркайт, май ткандары түгөнүп, булчуңдар, ички органдар кичирейип, кан сары суусундагы белоктор азаят, ак шишик басып, кээде психика бузулушу мүмкүн. Анын пайда болушуна узакка жетишсиз тамактануу же ачка болуу, зат алмашуунун өтө бузулушу, мышьяк, коргошун, сымап, фтор м-н өнөкөт ууланууу, тамак сиңирүү жолунун оор жабыркашы себеп болот. О. эле туберкулёз ж. б. өнөкөт оорулардын оор өтүшү, айрым ички секреция бездеринин (гипофиз, калкан сымал без, уйку бези ж. б.) жабыркашы, кызыл өңгөч, карындын рак шишиктери ж. б. да К-га алып келиши мүмкүн.

КА́ЦЕВ Александр Самуилович (24. 03. 1946-ж. т., Фрунзе) – адабиятчы, филология илимд. доктору (1992). КМУнун филология ф-тин (1969), ошол эле жерден аспирантураны (1976) бүтүргөн. 1969–73-ж. Пржевальск пед. ин-тунда окутуучу, 1973–76-ж. М. В. Маяковский атн. Кыргыз мамл. кыз-келиндер пед. ин-тунда кафедра башчысы, доцент, проф. (1978), 1997-жылдан КРСУнун журналистика кафедрасында окутуучу, Еврей мад-тын окутуу борборунун директору. 260тан ашык ил. эмгектин, а. и. 7 методикалык колдонмонун, 3 сөздүктүн, ад-т б-ча 3 программанын автору.

Эмг.: Человек и природа. Охрана окружающей среды и ее отражение в литературе. Ф., 1984; Реальный факт, прототип, образ в советской литературе 20-х годов. Ф., 1986; Возвращенные имена: Из истории современной русской литературы. Б., 2002.

КАЧА́ЛКА (гранильник) – тереңдетилген гравюра техникасында, негизинен *меццо-тинтодо* колдонулуучу болот аспап. К. сүйрү, майда, курч тишчелерден туруп пластинканын жыгач туткасына орнотулат.

КАЧКЫМБАЕВ Санкул (1927, Чүй обл., Москва р-ну, Кызыл-Туу айылы – 2002, ошол жер) – Соц. Эмг. Баатыры (1966). Эмгек жолун 1949-ж. Москва р-нундагы Кызыл-Туу совхозунда ветеринар-фельдшер болуп иштөөдөн баштаган. Кийин Беловодск кыш заводунда бригадир, смена мастер, участка начальниги болуп иштеген. Ал жетектеген смена кыш чыгарууда чоң ийгиликтерге жетишкен. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



КАЧКЫНЧЫ – Жалал-Абад ш-ндагы Т. Тайгараев атн. айыл округуна караштуу кыштак. Жалал-Абад ш-нан ж-а т. ж. бекетинен 12 *км* чыгыш тарапта. Калкы 3387 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенип, мал м-н да алектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, клуб, ФАП бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү, тамактануу жайлары иштейт.

КАЧМА ТОП – балдар оюну. Балдар эки топко бөлүнүп таяк кармашып, кайсы топтун өкүлү анын эң учун кармаса, оюнду баштап, топту чабуу укугун алат. Топ тоскон тараптагылардын бирөө оюнчуларга топ салып берип турат. Калгандары чабылган топту тосуп, белгиленген чекке (30–50 *м*) чуркап бара жаткан балдарды топ м-н урушат. Чабылган топту жерге түшүрбөй тосуп же качып бара жаткан балдарды урганда тийгизсе, алар тарап оюнду жеңген болот. Эгер өнөктөштөрдүн баары топту бирден чаап бүтүп, эң акырында калган бала топту үч жолу удаа чапканга чейин аркы чекке барып кайткан бала жок болсо, ал тарап утулган болот. Оюнчулардын кезеги алмашылып, 2-тарап топ чабууга келет.

КАЧЫБЕК – Ош обл-ндагы кыштак. Ош шаардык кеңешине карайт. Деңиз деңг. 970 *м* бийикте жайгашкан. Облустун борбору ж-а т. ж. бекети Ош ш-нан 10 *км* батыш тарапта. Калкы 1161 (2004); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет.

КАЧЫБЕК Шераалы уулу (18-к-дын аягы – 19-к-дын 60-жылдары) – 19-к-дын башында ысыккөлдүк кыргыздардын атынан Россияга барган элчилердин (к. *Жакыпбек* Ниязбек уулу) бири.



Качыбек Шераалы уулу сыйланган медаль.

Бугу уру[illegible]ан (белек) чыккан ж-а [illegible]рды Россия империясы[illegible] букаралыгына өтүү үчүн [illegible]емилгечилерден болгон. А[illegible] элчиликке барганда орус[illegible]ар м-н кызматташууга даяр экенин билдирип, капитан чини ж-а Анна тасмасындагы алтын медаль м-н сыйланган. 1854-ж. сентябрда *Боромбай* Меңмурат уулунун атынан кайрадан Омск ш-на барып, бугу уруусу Россиянын курамына өтүүгө даяр экенин билдирген. 1855-ж. 17-январда Россия империясынын курамына киргенин ырастап, бугу кыргыздарынын атынан ант берген. Бул үчүн майор чинин алып, 1858-ж. бугу уруусунун улук манабы болуп дайындалган.

Ад.: *Өмүрбеков Т.* Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (XIX к-дын ортосу – XX к-дын башы). Б., 2005; *Хасанов А.* Избранные труды. Очерки по истории Киргизии. Б.; М., 2004.

КАЧЫР (лат. mulus) – жылкы (бээ) м-н эшекти аргындаштыруудан алынган үй жаныбары. Чоңдугу, ийкемдүүлүгү жылкыга, чыдамдуулугу, иштемчилдиги эшекке окшош. К. көп жыл жашайт, пароплазма ж-а инфекция анемиясына дээрлик чалдыкпайт. Тоютту колдон талап кылбайт. К. тукум бербейт. Өңү негизинен өзүн тууган бээникине окшош. Күч унаа катары пайдаланылат. Иштемчилдигине жараша жүкчүл ж-а чегилме К-га бөлүнөт. Ыйык жалынан бийиктиги: жүкчүл К-дыкы 110–140 *см*, чегилме К-дыкы 160 *см*. Жүкчүл К-дын салм. 300–400 *кг*. К. Борб. Азия, Закавказьеде, о. эле. Азия, Африка өлкөлөрүндө, Европанын түштүгүндө ж. б. асыралат.

КАШАТ – 1) суунун, арыктын, аңдын бийик жери; айрым учурда тепкич сымал кемер-кыр м-н чектелген, дарыяны көздөй бир аз жантайыңкы тегиз аянт да К. аталат. Кээде К-тар 4–5 ж-а 8–12 санда болушу мүмкүн. Жер кыртышынын суу м-н желишинен ж-а шиленди чөкмөлөрдүн топтолушунан пайда болот. А к к у м у л я ц и я л ы к К. борпоң чөкмө аллювийден, ц о к о л д у к К-тын үстү аллювийден, асты чулу тоо тектен; э р о з и я л ы к К. бүт бойдон чулу тектен турат. К-тардын жашы тоо тектеринин структуралык түзүлүшү, андагы орг. калдыктар ж-а морфологиясы б-ча аныкталат. Түздүктөгү чоң дарыялардын К-тары кенен, туурасы бир нече *км* болот. К. калк жашаган жерлерди ж-а жолдорду куруу, айдоо жер үчүн пайдаланылат (к. *Тектир*); 2) шымдын, дамбалдын белге келүүчү, ычкыр же кур байлануучу жээги.

КАШАТ – Ысык-Көл р-нундагы кыштак. Темир айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1718 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Чолпон-Ата ш-на [illegible]0 *км* чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекети[illegible]08 *км*. Калкы 3615 (2009); негизинен ма[illegible] алектенет. Орто мектеп, китепкана, бал[illegible]ча, ФАП, клуб бар. Улуу Ата Мекендик [illegible]та курман болгондорго эстелик тургузулга[illegible]

КАШИ́[illegible] Фёдор Тихонович (11. 10. 1911, Воронеж о[illegible] Борисоглебский р-ну, Танцырей кыш. – 2[illegible]04. 1997, Бишкек) – геолог, геология-минералогия илимд. доктору (1964), проф. (1968). СССР мамл. сыйл. лауреаты (1953), Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1954). Москва геол. чалгындоо ин-тун бүткөн (1938). Кыргыз ССР Геол. башкармасында геол. партиялар м-н экспедициялардын башкы геологу, начальниги (1941–56), Кыргыз ССР ИАнын вице-президенти (1958–60), Геология ин-тунда сектор башчы (1956), ин-ттун директору (1975–88). Ил. эмгектери Кырг-ндын көмүр ж-а уран-көмүр кендеринин геологиясына, алардын таралыш өзгөчөлүгүнө, пайда болуу шарттарына арналган. 60 ил. эмгектин (а. и. 7 монография) автору. Ленин, Эмгек Кызыл Туу, 2 «Ардак белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.



Эмг.: Новый угленосный район в Киргизской ССР// Тр. Лаборатории угля АН СССР, В. 7. М., 1957; Геология месторождений угля и горючих сланцев. Т. 6. М., 1968; Узгенский каменноугольный бассейн. Ф., 1975 (соавт.).

КАШКА БЕДЕ (Melilotus) – чанактуулар тукумундагы бир жылдык же эки жылдык өсүмдүк уруусу. 25тей түрү, а. и. КМШ өлкөлөрүндө 12 түрү белгилүү. К. б-нин сабагы түз, бутактанып өсөт, жылмакай (бийикт. 1,5–3 *м*че). Жалбырагы үчилтик, чети тарамдуу. Гүлү майда, чачы сымал, сары же ак. Чанагы сөлпү, кара же сары, уругу майда. 1000 данынын салм. 1,7–1,9 *г*. Тамыры чың, жерге 1,5–2 *м* терең кирет. Кургакчылыкка, суукка чыдамдуу, топуракты анча тандабайт. Акиташтуу топуракта жакшы өсөт. Негизинен эки түрү – ак К. б. ж-а сары же дары К. б. көп эгилет. Тоютка негизинен ак К. б. айдалат. Курамында белок, витамин ж-а минерал туздар көп. Тоюттук сапаты жагынан кадимки бедеден калышпайт. Ак К. б-нин курамында 73,2% суу, 44% протеин, 0,5% май, 9,7% клетчатка, 10,5% азотсуз зат, 1,7% күл бар. 100 *кг* кургак чөбүндө 44,0 тоют бирдиги, 11,6 *кг* сиңимдүү протеин болот. Гектарынан 200 *ц*ден түшүм алынат. К. б. балдуу өсүмдүк, бал аарылары ар гектардан 200–500 *кг*га чейин бал топтойт. Кырг-ндын шор топурактуу жерлеринде өстүрүлөт.



КАШКА-ДАРЫЯ – Өзбек Респ-ндагы дарыя. Уз. 378 *км*, алабынын аянты 8780 *км*². Заравшан ж-а Ысар кырка тоолорунун батыш тармактарынан башталып, Каршы талаасында кумга сиңип кетет. Орт. чыгымы тоодон чыга беришинде 25 *м*³/*сек*. Карши каналы аркылуу Аму-Дарыядан суу алат. К.-Д-да Чым-Коргон суу сактагычы курулган; боюнда Карши ш. бар.

КАШКА-ДАРЫЯ ВИЛАЕТИ Өзбек Респ-ндагы адм.-айм. бирдик. 1964-ж. 7-февралда уюшулган. Респ-нын түш. бөлүгүндө жайгашкан. Аянты 28,4 миң *км*². Калкы 2,2 млн (2006). Адм. борбору – Карши ш. Адм.-айм. жактан 14 районго бөлүнөт.

К.-Д. в. Памир-Алай тоо системасынын батышында, Кашка-Дарыянын алабында, деңиз деңг. 2938 *м* бийиктикте жайгашкан. Аймагынын көпчүлүк бөлүгүн Карши, Нишан талаалары ж-а Сандык кумдуу чөлү ээлейт. Түн.-чыгыш ж-а түш.-чыгышында Заравшан, Ысар кырка тоолорунун тармактары жатат. Климаты кескин континенттик, кургак. Январдын орт. темпрасы –0°С, июлдуку 31,5°С. Жылдык жаан-чачыны 200–250 *мм*, тоо этектеринде ж-а тоолордо 500 *мм*ге чейин. Башкы дарыясы – *Кашка-Дарыя*, анын куймалары: Ак-Суу, Кызыл-Дарыя. Облустун түш. бөлүгү кумдуу, такыр, шор жерлер кездешет. Тоолоруна бийиктик алкактуулук мүнөздүү. Кыртышы боз, күрөң ж-а тоошалбаа топурактуу. Чөлү өсүмдүктөргө жарды (негизинен эфемер, шыбак). Кашка-Дарыянын өрөөнүндө тал, терек, тоолорунда бадал, арча өсөт. Тоонун төмөнкү капталдары жайыт катары пайдаланылат. Калкынын негизин өзбектер (85%) түзүп, о. эле тажик, орус, татар, түркмөн ж. б. улут өкүлдөрү да жашайт. Орт. жыштыгы 1 *км*²ге 71 киши. Айыл калкы 73%. Шаарлары: Карши, Шахрисабз [бул шаарда Амир Тимур (Темирлан) туулган], Китаб, Касан, Мубарек, Яккабог, Гузар, Камаши.

Ө. ж. негизинен курулуш материалдарын (темир-бетон конструкциялары, кыш, акиташ ж. б.), тамак-аш (эт, сүт, нан, ун комбинаттары, консерва, шарап, май ж. б.) өндүрүүгө адис-

тешкен. О. э. женил ө. ж. (пахта тазалоочу з-д, тигүү ж. б.) да иштейт. Газ да өндүрүлөт. Көркөм кол өнөрчүлүк (топуга сайма саюу, килем токуу ж. б.) ж-а жибекчилик өнүккөн. 1960-жылдан Мубарек газ-нефть кени өндүрүлө баштаган. Мубаректен өндүрүлгөн газ Ташкент – Бишкек – Алматы газ кууруна кошулат. К.-Д. в-нин а. ч-нда дыйканчылык м-н мал багуу (а. и. каракүл кою) өнүккөн. Ири ө. ж. ишканалары: «Мубарекнефтгаз» ж-а «Шуртаннефтгаз» ААК. Т. ж-нун уз. 350 *км*, автомобилдики 30 мин *км*дей. Облустун аймагында Кызыл-Суу ж-а Мираки коруктары уюшулган.

Б. Амираева.

КАШКАЛАК – Жалал-Абад обл-нун Ала-Бука р-нундагы кыштак. Т. Балтагулов атн. айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1152 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ала-Бука кышнан 12 *км* түш.-чыгыш тарапта. Наманган т. ж. бекетинен 63 *км*. Калкы 2808 (2007); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү, бала бакча, стадион бар. Мончо, тегирмен, майжуаз цехтери иштейт.

КАШКАР, К а ш и – Кытайдагы шаар. Синьцзян-Уйгур автономия р-нун аймагында жайгашкан. Калкы 570,0 миң (2003). Полиметалл кендери казып алынуучу аймактын борбору. Ид Ках мечити (8-к., аянты б-ча Кытайдагы эң ири), Абахо кожонун ж-а анын небереси Ипархандын мавзолейи (17-к.), Мао Цзедундун зор статуясы бар. Шаарга 1273-ж. Марко Поло токтоп өтүп, несториан чиркөөлөрү бар экенин белгилеген. К-да 1918-ж. чейин Россия империясынын почта бөлүмү болгон. Кырг-н м-н Торугарт ж-а Эркеч-Там ашуулары аркылуу байланышат. 2007-жылдан Бишкектеги батыш автобус терминалы м-н катташат. Цемент, хим., машина куруу ө. ж. ишканалары иштейт. Кол өнөрчүлүк өнүккөн. Жыл сайын күндөлүк керектелүүчү товарлардын ярмаркалары өткөрүлөт (Кырг-н да катышат).

КАШКАР ЖУП ЖАЛБЫРАКЧАСЫ (Zygophyllum kascharicum) – жуп жалбырактуулар тукумундагы ийри-буйру өркүндүү бадал. Кабыгы кырдуу, боз түстө, жыгачы сары. Жан жалбыракчалары майда, жаргак сымал. Жаш өркүндөрүндө жалбырактары тушташ экиден, эскилеринде топтошуп жайгашат. Гүлдөрү саптуу, 1–2ден жалбырак колтугунда жайгашат, жалбыракчалары 3 (4), эттүү, сүйрү мөмөсүндө кала берет. Кутучаларынын уз. 23 *мм*ге жакын, эни 1–3 *мм*. Сүйрү, түп жагы учтуу, чоку жагы жалпак, үч канаттуу, канаттары уясынан 1,5–2 эсе жазы. Уясында 1–2 уругу саргыч. Мөмөсү август айында бышат. Деңиз деңг. 1400–1700 *м* бийикте таштак чолдордо кездешет. Кашкарга жакын тоо кыркаларында, Кырг-ндын Борб. Теңир-Тоо кыркаларында кездешет.

КАШКАР-КЫШТАК – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Кашкар-Кыштак айыл округуна караштуу. Ош – Бишкек автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 860 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 10 *км* түш.-батыш тарапта, ы т. ж. бекетинен 0,5 *км*. Кыштак 1870-ж. изделген. Калкы 15 765 (2007); негизинен д ан чарбаларында эмгектенет. Эки орто мект китепкана, мад-т үйү, оорукана, бейтапкан арыканалар бар. Турмуш-тиричилик кызм анын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү, базарча, тө ктануучу жайлар, чакан ишканалар иштейт.

КАШКА-СУУ – Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нундагы кыштак. Кашка-Суу айыл округунун борбору. Деңиз деңг. 1557 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кербен ш-нан 15 *км* батыш тарапта. Шамалды-Сай т. ж. бекетинен 87 *км*. Калкы 3620 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто ж-а негизги мектеп, амбулатория, мад-т үйү, китепкана бар.

КАШКАР ТҮЗДҮГҮ, Т а р и м т ү з д ү г ү Батыш Кытайда, Теңир-Тоо, Памир, Куньлунь ж-а Бэйшань тоолору курчап турат. Уз. батыштан чыгышка 1200 *км*, туурасы 500 *км*, бийикт. чыгышта 780 *м* (Лобнор көлүнө жакын), батышта 1500 *м*. К. т-нүн басымдуу бөлүгүн Такла-Макан кумдуу чөлү ээлейт. Тоо этектерин бойлой шагыл ж-а кум-топурактуу чөкмөлөрдөн турган айдөөш делювий шилендилери жатат. Оёндордо шор жерлер кездешет. Климаты мелүүн (жылуу, кескин континенттик, чөлдүү). Жайы ысык (июлдун орт. темп-расы 25–26°Сге чейин), кышы кыска, аяздуу –20°С, карсыз. Жылдык жаан-чачыны 100 *мм*ден аз, көбүнчө жайында жаайт. Ири дарыялары: Тарим, Хотан, Кашкар, Ак-Суу, Кончедарыя. Эң ири көлү – Лобнор (Тарим ж-а Кончедарыя төмөнкү агымдарында нуктарын өзгөртөндүктөн, көл орун которуп турат). Чөл ландшафты үстөмдүк кылат. Дарыя өрөөндөрүндө тал, терек, бадалдар өсөт. Оазистерде ж-а тоо этектериндеги түздүктөрдө дыйканчылык ж-а жемиш багын өстүрүү өнүккөн. К. т-ндө Кашкар, Ак-Суу, Жаркент (Яркент) ш. жайгашкан.

КАШКА-СУУ – Ош обл-нун Чоң Алай р-нундагы кыштак. Кашка-Суу айыл округунун борбору. Деңиз деңг. 2680 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Дароот-Коргон кыш-нан 44 *км* түн.-чыгыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 240 *км*. Калкы 3019 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, клуб, мечит бар. Үй-бүлөлүк врачтар тобу, АТС, оорукана, соода түйүндөрү иштейт.

КАШКА-СУУ (1932-ж. чейин Ж а й-Д ы й к а н) – Чүй обл-нун Аламүдүн р-нундагы кыштак. Байтик айыл округуна караштуу. Кашка-Суу капчыгайында, Ала-Арча суусунун боюнда, деңиз деңг. 1230 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Лебединовка кыш-нан 48 *км* түн.-батыш тарапта. Пишпек т. ж. бекетинен 15 *км*. Кыштак 1900-ж. негизделген. Калкы 1010 (2010); негизинен дыйканчылыкта эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана бар.

КАШКА-СУУ ВОЛЬФРАМ КЕНИ Нарын р-нунда, Нура тоосунун түн. капталында, Оттук кыш-нан 58 *км* чыгышта, деңиз деңг. 3250–3650 *м* бийикте. 1943–45-ж. чалгындалып, запасы эсептелген. Кен аймагы карбон мезгилиндеги туурусунун акиташ катмарынан ж-а аны жарып чыккан гранит, гранодиорит интрузиясынын массивинен турат. Кен интрузия м-н акиташ катмарынын к. чегиндеги скарн тулкусу м-н байланышкан. Башкы скарн тулкусу Кашка-Суунун сол жээгин б-ча 840 *м*ге чейин созулат. Негизги минералдары: шеелит, молибденит, антимонит, арсенопирит, пирит, халькопирит. Вольфрам үч оксидинин орт. өлчөмү 0,3–0,37%. Кенталтын C_2 категориясы б-ча запасы 218,3 миң *т*. Болжолдуу ресурсу 3410,2 миң *т*. Вольфрам үч оксидинин C_2 категориясы б-ча запасы 814 *т*, болжолдуу ресурсу 10201 *т*.

КАШКА-СУУ (КАРАКОЛ) КӨМҮР КЕНИ Ош обл-нун Алай р-нунда, Кашка-Суу ж-а Каракол сууларынын башатында, Сары-Таш кыш-нан 30 *км* түндүктө, Гүлчө кыш-нан 40 *км* түш.-батышта. Кен ж-дө 1943-ж. ж-а 1966-ж. 1:100 000 ж-а 1:200 000 масштабдагы геол. карта түзүлүп, кыскача маалымат берилген. Д. П. Резвойдун маалыматы б-ча калыңдыгы 1,0 *м* болгон көмүр кабаты төмөнкү юра катмары м-н байланышкан. Башка маалыматта (Григорьев А. В., 1966) көмүр кабатынын калыңдыгы 3–4 *м*. Кен изилденген эмес, көмүрдүн сапаты белгисиз. Болжолдуу ресурсу 45 млн *т*.

КАШКА-СУУ КӨМҮР КЕНИ, М и н К у ш - 2 к е н и Нарын обл-нун Жумгал р-нунда, Мин-Куш шаарчасынан 11 *км* түн.-батыш тарапта, Кок-Мойнок өрөөнүнүн түн. капталында, Кашка-Суу ж-а Кара-Күнгөй сууларынын аралыгында. 1952-ж. Уран кенин издөө убагында көмүр кабаттары да изилденген ж-а көмүрдүн запасы 1952-ж. эсептелген. Көмүр төмөнкү юранын туура кабак свитасы м-н байланышкан. Бардыгы 8 кабатка бөлүнүп, негизинен 3 кабат (5, 6, 7) жакшыраак изилденген. Кабаттардын калыңдыгы 0,17 *м*ден 17,50 *м*ге чейин өзгөрөт. Көмүрдүн сапаты болжол м-н үчүнчү күрөң көмүр (3Б) маркасына кирет. Орт. күлдүүлүгү 5,38%тен 11,99%ке чейин өзгөрөт. Күйүү жылуулугу аныкталган эмес. Кайра бааланган (1992) запасы C_1+C_2 категориясы б-ча 4955 миң *т*, болжолдуу ресурсу 8252 миң *т*.

КАШКА-СУУ КӨРҮСТӨНҮ – мезолит (б. з. ч. 12–7-миң жылдык) ж-а неолит (б. з. ч. 7–4-миң жылдык) доорлоруна таандык археол. эстелик. Ысык-Көл өрөөнүндөгү Ара-Бел суусунун сол тарабында жайгашкан. 1997-ж. КУУнун археология ж-а этнология кафедрасынын археологдору казып, изилдеген. Казуу убагында боюнун уз. 1,92 *м* келген жоокердин сөөгү, сөөктөн жасалган камчы сап, ээрдин калдыгы, малдын омурткасынан жасалган басмайылдын тогоосу, таш куралдар, бычак, кыргыч, курал жасоочу таш чабындылар, жука, кичине нуклеус, чопо идиштер, о. эле б. з. ч. 2-миң жылдыктын орто ченине таандык сабы соок мед. аспап сымал буюм табылган.

КАШКА-СУУ МӨҢГҮЛӨРҮ Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталында, Алтын-Дара суусунун алабында жайгашкан. Азыр анда этек мореналары туташ жаткан, өрөөн тибиндеги үч мөңгү бар. Анын экөө (Ортонку ж-а Батыш К.-С. м.) ири мөңгү. О р т о н к у м ө ң г ү н ү н уз. 5,5 *км*, аянты 4,8 *км*². Абляциясынын аянты 1,3 *км*². Мөңгүнүн башы деңиз деңг. 5500 *м*, этеги 3940 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4300 *м*. Б а т ы ш м ө ң г ү н ү н уз. 5,5 *км*, аянты 5,9 *км*². Мөңгүнүн башы деңиз деңг. 5500 *м*, этеги 4080 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4500 *м*. Абляциясынын аянты 1,5 *км*². Мөңгүлөрдөн Кашка-Суу башталып, Мин-Теке м-н кошулуп, Алтын-Дарага (Кызыл-Суунун сол куймасы) сол жактан куят.

КАШКА-СУУ МӨҢГҮСҮ – Иле Ала-Тоосунун түш. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 3,2 *км*, аянты 4,2 *км*². Чоң Кемин суусунун алабында жайгашкан. Башы деңиз деңг. 4280 *м*, этеги 3620 *м* бийикте жатат. Азыр мөңгү тартылууда. Мөңгүдөн Кашка-Суу (Чоң Кеминдин оң куймасы) башталат.

КАШКА-СУУ ЧОКУСУ – Арпанын Ала-Тоосунун эң бийик жери. Тоонун ортонку бөлүгүндөгү түндүктү көздөй кеткен тармагында жайгашкан. Бийикт. 4678 *м*. Батыш капталы тик, аскалуу, жыланач, калганы мөңгүлүү. Негизинен карбондун акиташ теги, доломит, катмарлуу кремний, сланец, кумдук, бир аз гипстен турат. Ашууга жакын Жаман-Даван суусу башталат.

КАШКА-ТЕРЕК – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нундагы кыштак. Кыз-Көл айыл округуна караштуу. Көгарт суусунун боюнда, деңиз деңг. 1120 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 27 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 25 *км*. Кыштак 1896-ж. негизделген. Калкы 1007 (2009); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КАШКА-ТЕРЕК МИНЕРАЛДУУ СУУСУ, к. *Чаек минералдуу суусу.*

КАШКА ЧЫМЧЫКТАР (Paridae) – сайрагыч таранчы сымалдар түркүмүнүн тукуму. Денеси жумуру, уз. 7,6–20 *см*ге чейин жетет. Жүнү жумшак, тумшугу конустай, кээде учтуу. 2 тукуму – К. ч. (3 уруу, 48 түрү) ж-а куркулдайлар (4 уруу, 10 түрү) бар. Түш. Америка, Мадагаскар ж-а Австралиядан башка жерлерде кеңири та-



Кашка чымчыктар: 1 – московка; 2 – лазоревка; 3 – үрпөк кашка чымчык; 4 – узун куйрук кашка чымчык; 5 – чоң кашка чымчык.

ралган. Көбүнчө токойдо жашайт. Канаты тегерек болгондуктан, алыска уча албайт. Буту кыска, тырмагы жакшы өөрчүгөндүктөн, бак-даракта шамдагай жөргөлөп, секирип жүрөт. Көпчүлүгүнүн төбөсү, алкымы кара же күрөң, башынын эки жагы ак. Дарак коңулдарына уялайт, кызыл тактуу 4–14 жумуртка тууйт. 14–17 күндө балапанын басып чыгарат. Курт-кумурска (зыянкечтер) ж-а уруктар м-н азыктанат.

КАШКЕЛЕҢ – Чүй обл-нун Кемин р-нундагы кыштак. Кызыл-Октябрь айыл округуна караштуу. Пишпек – Балыкчы т. ж-нун боюнда, дениз деңг. 1090 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кемин шаарчасынан 1,5 *км* түш.-чыгыш тарапта. Кыштак 1929-ж. негизделген. Калкы 1002 (2007); негизинен мал м-н алектенет.

КАШКЕЛЕҢ АШУУСУ Иле Ала-Тоосунда, Кашкелең суусунун алабында жайгашкан. Алматы обл-н Чоң Кемин өрөөнү м-н байланыштырат. Бийикт. 3716 *м*. Капталдары тик. Тоо кырларынын ашуудан салыштырмалуу бийикт. 400–500 *м*. Негизинен протерозой ж-а палеозойдун гранит, сиенит тектеринен турат. Ашуу аркылуу 1856-ж. орус саякатчысы ж-а географы П. П. Семёнов-Тяньшанский өткөн. Июнь–сентябрь айларында жол ачылат.

КАШКУЛАК (Meles meles) – *суусарлар* тукумундагы сүт эмүүчү. Дене уз. 60–90 *см*, куйругу 12 – 24 *см*. Жону, капталы боз, боору каралжын. Башынын эки жагында тумшугунан кулактарын көздөй кара жолчолор кетет. Буттары кыска, манжалары узунураак, тырмагы чоң, ийилип турат. Евразия токойлорунда, жарым чөлдө кездешет. Кырг-нда да бар. Ийинде жашайт. Суук аймактарда кышкысы өөнге кирет. 1–6 бала тууйт. К. майда кемирүлөр, бака, кескелдирик, омурткасыздар, ...дүк тамыр-сабагы, мөмө, жаңгак, козу ка... ж. б. м-н ылгабай азыктанат. Майы дары ...ары керектелет.

КАШМИ́Р ӨРӨӨНҮ Чоң ж-а ...ичи Гималай тоолорунун (Пир-Панжал кырка тоосу) аралыгында, Индиянын түндүгүндө, Кашмир тарыхый облусунда жайгашкан. Уз. 200 *км*дей, туурасы 60 *км*ге чейин; таманынын бийик жери 1600 *м*. Өрөөн аркылуу Желам д. агат. Ири көлү – Вулар. Шалы, жемиш бактары өстүрүлөт. Капталдарына жазы ж-а ийне жалбырактуу токой мүнөздүү. Климаттык курорттор бар. Өрөөндөн Сринагар ш. орун алган.

КАШТА́Н (Castanea) – өсүмдүктөрдүн кара кайыңдар тукумундагы дарак уруусу. К-дын 14 түрү Түн. Америка, Япония, Кытай, Жер Ортолук дениз жээктеринде өсөт. КМШ өлкөлөрүндө 1 гана түрү – эгилме же кадимки К. Кавказдын Кара дениз жээги, Закавказье ж. б. жерлерде өстүрүлөт. Бийикт. 35 *м*, диаметри 2 *м*дей. Көп жыл (500 жылдан ашык) өсөт. Тамыры жерге терең кирет. Гүлү майда, сөйкөчөдөй, ак, жалкы же кош жыныстуу; кайчылаш чаңдашат. Мөмөсү – жаңгакча, күрөң кабыгы жука, ар чанакта үчтөн мөмө болот. Кычкыл боз топурактуу, жылуу, жарык ж-а нымдуу жерде жакшы өсөт. К. 5–10 жылда мөмөлөйт. Мөмөсү кондитер ө. ж-нда пайдаланылат. Данында 60% крахмал, 17% кант, 8–11% азоттуу зат, 2% май болот. Жыгачы суу астындагы курулмаларда, курулушта, кабыгы кездеме боёодо пайдаланылат. Кырг-нда парк, көчөлөрдө кооздук үчүн өстүрүлөт.

КАШЫК – тамак-аш ичүүдө колдонулуучу ашкана буюму. Көлөмүнө жараша: а ш К., ч а й К., жасалган затына жараша: к а л а й К., ж ы г а ч (с ы р) К., к ү м ү ш К., а л т ы н К. деп аталат. Мурда кырмачылар тал, терек, арча, кайың, жаңгак ж. б. жыгачтан бычак ж-а ийди м-н кыруу аркылуу К. жасашса, учурда жыгачтан, ар түрдүү металлдан өндүрүштө даярдалат.

КАШЫК КАП – кашык салуучу чакан баштыкча. Бир жак бети сайма, оймо-чиймелер м-н көркөмдөлүп, таар, кийиз ж-а кездемеден жасалган. К. к-ка боо тагылып, керегенин башына илинет. К. к. катары чаарчыктын же ара туулган козу-улактын тулубу да пайдаланылган.

КВАДРА́НТ (лат. quadrans – төртүнчү бөлүк) – 1) тегиздикте өз ара перпендикуляр эки координата огу түзгөн төрт тик бурчтуктун бири. К. саат жебесинин кыймылына каршы багытта номурланат. Координата окторунун оң багыттары м-н чектелген тик бурчтук – биринчи К. деп эсептелет. Айрым учурда биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчү К. ж-а координаталык бурч же чейрек деп да айтылат; 2) тегеректин К-ы – 90°тук бурчту түзгөн радиустар бөлүп турган же борб. бурчу 90° болгон *сектор*, б. а. тегеректин $^1/_4$ бөлүгү.



КВАДРА́Т (лат. quadratus – төрт бурчтук, чарчы) – 1) ...жактуу *тик бурчтук*. К-ты бурчтары тик ...б же бардык бурчтары ж-а жактары бараб... *параллелограмм* деп да аныктоого болот. М...ан, К. *параллелограммдын, төрт бурчтук*... ж-а ромбдун бардык касиеттерине ээ экенди... келип чыгат. К-тын диагоналдары өз ара перпендикуляр ж-а барабар болуп, кесилиш чекитинде тең экиге бөлүнөт. К. төрт симметрия огуна ж-а бир симметрия борборуна ээ. К-ка сырттан ж-а ичтен айлана сызууга болот. К. анын жагы же диагоналы аркылуу түзүлөт. Пифагор мектебинде К. анын диагоналдары аркылуу өлчөнбөй тургандыгы табылган, б. а. эгер $a=1$ болсо, анда $d=\sqrt{2}$ болот, мында a – жагы, d – диагоналы. Каалаган К-та: 1) $\angle A=\angle B=\angle C=\angle D=90°=\pi/2$; 2) $d_1 \perp d_2$; 3) $d=a\sqrt{2}$; 4) $S=a^2=d^2/2$; 5) $r=a/2$; 6) $R=d/2$; 7) $S=4r^2$, мында S – аянт, r – ичтен сызылган ж-а R – сырттан сызылган айлананын радиусу; 2) эки бирдей көбөйүүчүлөрдүн көбөйтүндүсү же сандын, туюнтманын экинчи даражасы да К. болуп эсептелет.

КВАДРАТТЫК БАРАБАРСЫЗДЫК – $ax^2+bx+c>0$, $ax^2+bx+c<0$ $(a>0)$ түрүндөгү *барабарсыздык*. Белгисизине карата эки жагы тең *көп мүчө* болуп, жок дегенде анын бир жагы экинчи даражадагы белгисизди камтыса, анда ал бир белгисиздүү К. б. деп аталат. Андай барабарсыздыктарды каалаган учурда анын: $ax^2+bx+c>0$, $ax^2+bx+c<0$, $ax^2+bx+c\geq 0$, $ax^2+bx+c\leq 0$ болгон канондук түрүнүн бирине келтирип алууга болот, мында $a\neq 0$. Чыгарууга ыңгайлуу болуш үчүн аларды дагы: $x^2+px+q>0$, $x^2+px+q<0$, $x^2+px+q\geq 0$, $x^2+px+q\leq 0$, түрүндө жазат, мында $p=b/a$ ж-а $q=c/a$. $x^2+px+q>0$ же $x^2+px+q<0$. К. б-ты чыгаруу үчүн x^2+px+q үч мүчөсүн чыныгы коэфф-түү көп мүчөгө, б. а., анын тамырларын (x_1, x_2) таап, $x^2+px+q=(x-x_1)(x-x_2)$ деп ажыратып алып, интервалдар методу м-н чыгарылат.

КВАДРАТТЫК ОРТО САН – каалагандай n, б. а., $a_1, a_2, ..., a_n$ сандарынын квадраттарынын арифм. орто санынан алынган квадраттык тамырга барабар сан, б. а. ал $d=\sqrt{(a_1^2+a_2^2+...+a_n^2)/n}$, мында $n\geq 2$. К. о. с. алгебра, геометрия, матем. анализде (талдоодо) эле эмес, өлчөө-ченөө жыйынтыктарын эсептеп чыгууда статистикада да, ыктымалдуулук теориясында да (ушулардан К. о. с-дын аталышы келип чыккан) колдонулат.

КВАДРАТТЫК ТЕҢДЕМЕ – экинчи даражадагы, б. а., $ax^2+bx+c=0$ түрүндөгү бир белгисиздүү алг. теңдеме; мында $a\neq 0$, a, b, c – чыныгы сандар, б. а. коэфф-и. $D=b^2-4ac$ туюнтмасы ax^2+bx+c квадраттык үч мүчөнүн дискриминанты деп аталат. К. т. эки тамырга ээ: $x_{1,2}=\frac{-b\pm\sqrt{b^2-4ac}}{2a}$ ж-а эгер $D>0$ болсо, анда тамырлары чыныгы ж-а түрдүү, качан $D=0$ болсо тамырлары дал келишет, качан $D<0$ болгондо чыныгы тамырга ээ болбойт, теңдеменин *тамыры комплекстүү* сандар (түйүндөш комплекстүү) болот. К. т-нин коэфф-тери ж-а тамырлары үчүн фр. математик Ф. Виеттин теоремасына ылайык $x_1+x_2=-\frac{b}{c}, x_1\cdot x_2=c/a$ катышы аткарылат. Бул теорема өзгөчө келтирилген К. т. үчүн өтө ыңгайлуу: $x_1+x_2=-p$, $x_1\cdot x_2=q$. Б. з. ч. 20-к-дагы вавилондуктардын чопо такталардагы жазууларында К. т-нин түшүндүрмөсүз чыгарылыштары болгон ж-а чыгарылыштарды көптөгөн математиктер изилдеген.

КВАДРАТТЫК ҮЧ МҮЧӨ – ax^2+bx+c $(a\neq 0)$ формуласы м-н аныкталган *көп мүчө*. a, b ж-а c сандары К. ү. м-нүн кофф-тери, адатта: a – алгачкы, b – экинчи же ортоңку коэфф-и, c – бош мүчөсү деп аталат. $D=b^2-4ac$ туюнтмасы К. ү. м-нүн ж-а аны м-н байланышкан *квадраттык теңдеменин* дискриминанты деп аталат. Эгер $D\geq 0$ болсо, анда К. ү. м. төмөнкүдөй чыныгы коэфф-түү көп мүчөгө ажырайт: $ax^2+bx+c=a(x-x_1)(x-x_2)$, мында x_1 ж-а x_2 анын аныкталуучу тамырлары (нөлдөрү). *Квадраттык барабарсыздык* К. ү. м-нүн касиеттеринин негизинде чыгарылат.

КВАДРАТТЫК ФО́РМА – көп өзгөрмөлүү 2-даражадагы көп мүчө. Мис., $x_1, x_2, ..., x_n$ дин n өзгөрмөлүү 2-даражадагы формасы, б. а. өзгөрмөлүү көп мүчөлөрдүн ар бир мүчөсү бирден квадраттык өзгөрмөгө же ар кандай эки өзгөрмөнүн көбөйтүндүсүнө ээ. К. ф-нын $n=2$ге $ax_1^2+bx_2^2+cx_1x_2$, ал эми $n=3$кө $ax_1^2+bx_2^2+cx_3^2+dx_1x_3+fx_2x_3$, мында $a, b, ..., f$ – ар кандай сан ж-а n каалаган сан болгондо $A(x)=\sum_{j=1}^{n}\sum_{j=1}^{n}a_{ij}x_ix_j$, мында a_{ij} – К. ф-нын коэфф. (анык сандар) ж-а $a_{ij}=a_{ji}$ деп каралат. К. ф-нын 2, 3 ж-а 4 өзгөрмөлүүлөрү сызыктар теориясы (тегиздикте) ж-а 2-чи тартиптеги бет (мейкиндикте) м-н түздөнтүз байланышкан. Эгерде $x_1, x_2, ..., x_n$ өзгөрмөлөрү башка $y_1, y_2, ..., y_n$ өзгөрмөлөрү м-н алмаштырылса, мурунку өзгөрмөлүү сызыктуу комбинация деп аталган К. ф. башка бир К. ф-га өтөт.

КВАДРАТУ́РА (лат. quadrātūra – төрт бурчтук форманы берүү) –1) берилген фигуранын аянтынын квадраттык бирдик саны; 2) берилген фигурага тең чоңдуктагы квадратты түзүү; 3) аянтты же интегралды эсептөө, к. *Интегралдык эсептөө.*

КВАДРИЛЛИО́Н (фр. quadrillion) – бирден кийин 15 нөлү бар сан, б. а. 10^{15}. Кээде 10^{24}да К. деп аталат.

КВАДРУПО́ЛЬ (лат. quadrum – төрт бурчтук ж-а гр. pólos – полюс) – заряддалган бөлүкчөлөрдүн электр заряды тең салмактуу болгон системасы. Ал бири биринен *a* аралыгында жайгашкан, диполдук моменттери карама-каршы, чоңдугу бирдей эки диполдун системасы катары каралат (*а*-сүрөт). К-дун негизги мүнөздөөчү чоңдугу – анын К-дук моменти (*Q*). *б*-сүрөттө көрсөтүлгөн К. үчүн $Q=2ela$, мында *e* – заряддын абс. чоңдугу, *l* – диполдун өлчөмү. Заряддалган бөлүкчөлөр системаларынын өз ара аракеттешүүсү системада К-дук моменттин бар экендиги м-н түшүндүрүлөт. Эгерде системанын заряды же диполдук моменти нөлгө барабар эмес болсо, анда К. өз ара аракеттешүүнү эсепке албаса болот. Себеби анын чоңдугу электр-статикалык ж-а диполдук өз ара аракеттешүүдөн бир канча эсе кичине. Бул аракеттешүү атомдордун алыс аралыкта аракеттешүүсүндө чоң маани ээ. Анын энергиясы аралыктын өсүшү м-н $1/R^5$ катышында кичирейсе, ошол эле мезгилде диполдук өз ара аракеттешүү энергиясы $1/R^6$ катышында азаят. Ошондуктан К-дук өз ара аракеттешүү чоң аралыкта орчундуу маани ээ, о. эле ядролук физикада ролу чоң.



КВАЗАРЛАР (англ. quasar, quasistellar radiosource – радионурлануунун квазижылдыздык булагы дегенден) – өтө кичине бурчтук өлчөмгө ээ ж-а *Кун системасынан* бир нече миңдеген *Мпк* алыс жайгашкан космостук же квазижылдыздык объектилер. Оптикалык түрү жагынан жылдызга, ал эми спектрлеринин мүнөзү б-ча газ тумандуулугуна окшош. К. өтө кубаттуу *галлактикаларга* караганда ондогон эсе көп энергия чыгарат. Дагы бир теорияга ылайык К. – ургаалдуу нурлануунун ээ болгон зор *кара тешиктен* турган галлактиканын борб. бөлүгү. Айрым К-да жаркырактык байкалат ж-а тез өзгөрүп турат. К-дын табияты толугу м-н изилдене элек.

КВАЗИСЫЗЫКТУУ ТЕҢДЕМЕ – изделүүчү функциядан алынган ж-а жогорку туундусуна карата сызыктуу жекече туундулуу дифференциал теңдеме. Мис., $\left(\frac{du}{dx}\right)^2\frac{d^2u}{dx^2}+\frac{du}{dy}\frac{d^2u}{dy^2}+u^2=0$ изделүүчү функция *и*га карата [illegible]артиптеги К. т.

КВАЗИЯДРОЛОР, квазиядросистемалары – бариондордон масс[illegible]мтиги м-н айырмаланган барион-антибарио[illegible]гойлөрүнүн байланышкан ж-а *резонанс* а[illegible]. К-дун арасындагы байланыш ядролук [illegible]ор м-н түшүндүрүлөт. К-дун орт. жашоо у[illegible]тысы ~10^{-20} *сек.* К-дун бар экендиги алдын [illegible]а эле айтылган: мис., нуклон-антинуклон, [illegible]рон-антигиперон. Нуклон-антинуклондун бар экендиги эксперимент жолу м-н далилденген.

КВАЛИФИКА́ЦИЯ (лат. qualis – сапаты кандай ж-а *...фикация*) – билимдердин жалпылыгы ж-а *кызматкерлерди эмгектин* конкреттүү түрүн аткарууга адистикке даярдоо. Анын элементтери төмөнкүлөр: 1) кызматкердин теор. билими; 2) ишке каныгуу ж-а топтолгон тажрыйба; 3) адистик чеберчилик. Иш ж-а иш тапшырмалары көп учурда К. деңгээлине ылайык аларды аткарууну талап кылган квалификацияланган, жарым квалификацияланган ж-а квалификацияланбаган болуп бөлүнөт. Адистик даярдыкка *инвестициялар* К-нын өсүшүндө чечүүчү роль ойнойт. Ишкананын кызматкерлеринин К-сынын жалпы деңгээли эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун негизги фактору болуп саналат. К. адам капиталы катары *экономикалык өнүгүүнүн* жогорку темпин камсыз кылууга обөлгө болот.

КВАЛИФИКА́ЦИЯ – коомго каршы келген коркунучтуу жосундун белгилерин мыйзамда каралган *кылмыш* белгилери м-н аныктоо. Жаза кодексинин теориясында К. расмий (легалдуу) ж-а расмий эмес (доктриналык) түргө бөлүнөт. Расмий К-ны жаза кодексинин чегинде жаза иштери б-ча тергөөчү, прокурор, судья (сот), ал эми расмий эмес К-ны бардык жарандар жүргүзө алат. Буга гезит, журнал ж-а китепте келтирилген кылмыштар кирип, ал адамдын укуктук көз карашын, оюн билдирет ж-а юрид. күчкө ээ болбойт. Коомго коркунуч туудурган жосунду К-лоодо жаза кодексинин статья, бөлүм пункттары толук көрсөтүлүшү керек. Эгер кылмышка шериктеш болуу м-н аткарылып же аягына жетпеген кылмыш болсо, жаза кодексинде каралган башка статьяларында көрсөтүлөт.

К. А. Бодобаев.

КВАНЖУ́ – Корей Респ-нын түш.-батышындагы шаар. Йонсанган түздүгүндө, Сеулдан 320 *км* түштүктө жайгашкан. 1986-жылдан шаар айланасы м-н провинциянын деңгээлиндеги статуска ээ. Калкы 1,3 млн (2008; шаар айланасы м-н 1,6 млн). Жолдор тоому. Метрополитен (2004) иштейт. Алгач Корё мамлекетин негиздеген король Ван Гон бийлеген мезгилде 940-ж.

эскерилген. 1948–2005-ж. Чолла-Намдо провинциясынын адм. борбору болгон. Шаар агломерациясынын чыгыш бөлүгүн Мудынсан паркы ээлейт. Анын этегинде будда храмдары жайгашкан. К. өлкөнүн ири ө. ж. борбору. «Kia Motors» компаниясынын автомобиль з-ду (жылына 350 мин), аккумулятор батареялары, электроника [illegible]борлорун ж-а алардын компоненттерин өндү[illegible]үчү, текстиль (кебез-кездеме), тамак-аш (э[illegible]азыктарын белендейт ж-а сактайт) ө. ж. ин[illegible]лары иштейт. Тогуз ЖОЖ (а. и. улуттук, [illegible]ж-а жеке менчик), музейлер (а. и. улуттук, [illegible]өм ж. б.), мемориалдык парк бар. А. ч[illegible] аймактын ири борбору. Шалы, курма өст[illegible], жүзүмчүлүк өнүккөн. Шаардан 50 *км* түн[illegible]атышта «Йонгван» АЭСи (Азиядагы эң ири; кубаттуулугу 5900 *МВт*) курулган.

КВАНТ – бардык түрдөгү электр-магниттик энергиянын (а. и. жарык энергиясынын) үзгүлтүксүз нурланган же жутулган үзгүлтүктүү айрым бөлүкчөлөрдөн (порциядан) туруучу энергия чоңдугу. Ал *фотон* деп да аталат. К. энергиясы Е термелүү жыштыгына *ν* түз пропорциялаш: $E=h\nu$. *h* – Планк туруктуулугу.

КВАНТИТАТИВДИК ЛИНГВИ́СТИКА (лат. guantitas – сан) – тил илиминин тилдик бирдиктердин сандык көрсөткүчтөрүн иликтеген тармагы. Тилди изилдөө үчүн К. л-нын саноо ж-а өлчөө методдору колдонулат. Этимологиялык сөздүктөрдүн тутумун, санын сөз жасоо процессин, полимиялык типтердин санын аныктоодо (лексикол. аспект), байыркы тилдик белгилердин, граммат. категориялардын колдонулуш жыштыгын билүүдө (салыштырма-тарыхый аспект), текстти атрибуциялоодо, б. а., аноним же псевдоним тексттердин авторун аныктоодо (текстол. аспект), о. эле тексте колдонулган тилдик бирдиктердин сандык табиятын мүнөздоодо, алардын колдонулуш жыштыгын, түрдүү жанрдагы, стилдеги тексттерде тил бирдиктеринин таралуу, пайдалануу өзгочолугун тактоодо К. л-нын тыянактары чоң маани ээ.

КВА́НТОР (лат. quantum – канча) – матем. логиканын *предикаттарын* эсептөөгө колдонулган логикалык операторлордун жалпы аты. Логикалык оператор сүйлөмдүн ички логикалык курамын, жаңы субъекти м-н предикаттын өз ара катышын ж-а логикалык ойдун сандык мүнөздөмөсүн билдирет. К-дун эки түрү бар: жалпылык К-у («бардык», «ар бири» д. у. с. сөздөрдүн эквиваленти ж-а анын белгиси «$\forall x$ ») ж-а бар болуу К-у («кээ бир», «болот» д. у. с. сөздөрдүн эквиваленти ж-а анын белгиси $\exists x$). Мис., «$\forall x$ жалпылык К-у «бардык *x* үчүн» дегенди, ал эми $\exists x$ бар болуу К-у «кээ бир *x* үчүн» дегенди билдирет. «К.» терминин амер. математик, философ Ч. Пирс киргизген (1885).

Ад.: *Мендельсон Э.* Введение в математическую логику. М., 1984.

КВАНТТЫК КРИСТАЛЛДАР – заттар термод. туруксуздуктан туруктуу абалга өткөндө пайда болгон, атомдордун нөлдүк термелүүсүндөгү чоң амплитуда м-н мүнөздөлүүчү кристаллдар . Кристаллдашууда эркин энергия жылуулук түрүндө бөлүнүп чыгат. Кристаллдардын өсүшү темп-рага ж-а атомдордун байланыш энергиясына көз каранды. Кристалл торчосунун мезгили жөнөкөй кошулмада 10–20Å, татаал орг. ж-а орг. эмес кошулмада 100Å. Кристалл торчосунун өлчөмүн, атомдордун жайгашышы, түзүлүшү, симметриясы рентгенография, электронография ж-а нейтронография ыкмасы м-н аныкталат. Ал атомдорунун ортосундагы эң кыска аралык м-н салыштырылгандыктан, кванттык теориянын чегинде гана түшүндүрүлүүчү өзгөчө физ. касиеттерге ээ. Жердеги белгилүү заттардан 3×10^4 *Па*дан жогорку басымдагы гелийдин изотоптору ^{3}He ж-а ^{4}He гана К. к-н түзөт. Нейтрондук жылдыздардын түпкүрүндө нейтрондордон турган К. к. кванттык суюктук м-н кадимки кристаллдардын арасындагы аралыктык абалды ээлейт.

КВАНТТЫК КҮЧӨТКҮЧ – зат аркылуу өтүүчү электр-магнит толкундарынын энергиясын ал заттын дүүлүккөн атом молекуласы же иондордун аргасыздан нур чыгаруу эсебинен көбөйтүүчү (күчтөндүрүүчү) түзүлүш. Бул учурда электр-магнит толкундары баштапкы жыштыгын, таралуу багытын, полярлашуусун өзгөртпөйт ж-а күчөтүүчү түзүлүшкө түшүүчү толкунга когеренттүү бойдон кала берет. К. к. күчөндүргөн энергиянын чоңдугу, кыймылы кванттык механикада аныкталуучу атомдун ичиндеги электрондордун энергиясынын өзгөрүүсүнө байланыштуу. К. к-тө башкы ролду индукциялык нурлануу ж-а жутуу процесстери ээлейт. Күчөткүчтөн чыккан термелүүнүн амплитудасы ага кирген термелүүнүн амплитудасынан канча эсе чоң экендигин көрсөтүүчү чоңдук күчөтүү коэффициенти деп аталып, ал күчөткүчтүн негизги мүнөздөмөсү болуп эсептелет. Радиоастрономия м-н радиолокацияда төмөнкү темп-радагы парамагниттүү К. к., лазердик нурлануунун энергиясын күчөтүү үчүн оптикалык К. к. колдонулат.

КВАНТТЫК МЕХА́НИКА, толкун механикасы – микробөлүкчөлөрдүн (мис., атом, молекула, кристалл электрондору) кыймыл закондорун ж-а түшүндүрүү ыкмаларын аныктоочу физ. теория; кванттык теориянын негизги бөлүмдөрүнүн бири. К. м. атом структурасын, спектрин ж-а элементтердин мезгилдүү системасын биринчи жолу түшүндүрүүгө, хим. байланыштын табиятын аныктоого мүмкүндүк берди. 20-к-дын башында Ньютон классикалык механикасы м-н электр-магниттик талаанын классикалык теориясынын жоболору жарыктын зат м-н өз ара аракеттенишине ж-а атомдо болуучу процесстерге колдонулбай тургандыгын аныктаган. Бул процесстерди жаңы теориянын

негизинде түшүндүрүү үчүн жүргүзгөн аракеттердин натыйжасы К. м-нын закондорун ачууга алып келди. Квант түшүнүгүн физикага биринчи жолу М. Планк жылуулук чыгаруу теориясына арналган ил. эмгегинде киргизген (1900). Макроскопиялык нерселердин касиеттери аларды түзгөн бөлүкчөлөрдүн кыймылы ж-а өз ара аракеттери м-н аныкталат. К. м-нын закондору ядро энергетикасын, кванттык электрониканын ж. б-ды түшүндүрүүнүн негизи болуп эсептелет. Классикалык механиканын теориясынан айырмаланып, К. м-нда бардык бөлүкчөлөр корпускулалык ж-а толкундук (дуализм) касиетке ээ деп эсептелет. К. м-да каралуучу микробөлүкчөлөрдүн (мис., атом электрондорунун) энергиясы дискреттүү (үзгүлтүксүз) деп далилденет. Кванттык системанын абалы толкундук функция м-н чечмеленет, ал функциянын модулунун квадраты системанын берилген абалынын ыктымалдуулугун ж-а ал маанинин чондугун аныктайт. К. м-нан бардык эле физ. чондуктар бир убакта так мааниге ээ болбойт деген натыйжа келип чыгат. Толкун функциясы бөлүкчөлөрдүн дифракциясын түшүндүрүүчү суперпозиция принцибине баш иет. Кванттык теориянын өзгөчөлүгү – көпчүлүк физ. чондуктардын мүмкүн болуучу маанилеринин дискреттүүлүгү, мис., атом электрондорунун энергиясы, кыймыл санынын моменти ж-а анын ар кандай багытка проекциясы ж. б. К. м-нда Планк туруктуулугу (h) негизги мааниге ээ, ал – кубулуштарды туура түшүндүрүү үчүн классикалык физика же кванттык теорияны колдонуларын аныктоочу негизги табият масштабынын (ченинин) бири. Эгер физ. кубулуш классикалык физика м-н түшүндүрүлсө, анда h=0. Бөлүкчөлөрдүн ылдамдыгын жарык ылдамдыгынан аз учурду караштыруучу релятивдик эмес К. м. карама-каршылыксыз толук теория болуп эсептелет. К. м-нын закондору көптөгөн макроскопиялык кубулуштарды түшүндүрүүнүн негизи болуп эсептелет. Мис., катуу нерселердин көптөгөн касиеттерин түшүнүүгө, өтө өткөрүмдүүлүк кубулушун, ферромагнетизмди, өтө агуучулукту ж. б. түшүндүрүүгө мүмкүндүк берди. К. м-нын закондорунун негизинде ядро энергиясы, кванттык электроника түшүндүрүлөт.

Ад.: *Блохинцев Д. И.* Основы квантовой механики. 7-е изд. СПб., 2004; *Фок В. А.* Начала квантовой механики. 5-е изд. М., 2008.

КВАНТТЫК ОПТИКА – *статистикалык оптиканын* бөлүмү; ал жарык талаасынын микротүзүлүшүн ж-а жарыктын кванттык табияты көрүнгөн оптикалык кубулуштарды изилдейт. Нурлануунун кванттык түзүлүшү ж-дөгү көз караштын 1900-ж. немис физиги М. Планк киргизген. К. о. жарыктын туруктуу касиетин ж-а жарык нерселер аркылуу таралган учурда алар м-н болгон аракетин, жарык талаасынын абалын изилдейт. 1960-жылдары түрдүү физ. объектилерде лазерлер пайда болгон. Лазерге чейинки жарык булактары чуулуу генераторго окшош болгондуктан, жарыктын туруктуу касиетин изилдөөгө мүмкүн эмес эле. Ал эми заттар же нерселер аркылуу таралганда, алардын бөлүкчөлөрү кошумча фотондорду пайда кылат, фотондор жарык талаасынын чондугун өзгөртөт, жарык о. эле кабыл алуучу эсептегичтер үзгүлтүктүү түрдө ж-а кокустан кабылдагыч процесстерге ээ. К. о-нын негизги маселелерин аныктоо үчүн талаанын *кванттык теориясы* колдонулат.

Ад.: *Скалли М. О., Зубайри М.* Квантовая оптика. М., 2003.

КВАНТТЫК СААТ, атом сааты – убакытты эсептөөчү түзүлүш; анда жыштыгы кванттык стандарт м-н башкарылуучу кварц генератору бар. Мында маятниктин милдетин атом аткарат. Анын жүрүшүн атомдордун бир энергиялык абалдан экинчи абалга өтүүдөгү нурлануу жыштыгы жөнгө салат. Бул жыштык өтө туруктуу (каталыгы 10^{-11}– 10^{-13}) болгондуктан, К. с. убакытты астр. ыкмадан да так өлчөөгө мүмкүндүк берет. К. с. жыштыктын кванттык стандарттардын жардамы м-н текшерилет. Биринчи К. с. 1955-ж. АКШда жасалган. Азыркы К. с-та кээде цезийлүү репер колдонулат. Кийинки мезгилде рубидийлүү К. с. кеңири тараган. Ал кварц саатына салыштырганда өтө так болгондуктан, радионавигация системаларында, астр. обсерваторияларда, ил. изилдөөлөрдө, текшерүү, ченөө лабор-ларында ж. б. колдонулат.

КВАНТТЫК САНДАР – айрым элементардык бөлүкчөлөрдүн ж-а кванттык системалардын (атом ядросу, атом, молекула ж. б.) абалын мүнөздөөчү физ. чондуктардын мүмкүн болгон дискреттүү (үзгүлтүксүз) маанилерин аныктоочу бүтүн же болчоктуу сандар. К. с. физикага биринчи жолу атом спектрлерин изилдөөдө тажрыйбада алынган закон ченемин түшүндүрүүдө киргизилген. Бирок К. с-дын мааниси ж-а ага жараша микробөлүкчөлөрдү мүнөздөөчү бир катар физ. чондуктардын дискреттүү болушу *кванттык механика* тарабынан ачылган. Атом электрондорунун абалы анын төрт эркин даражасына туура келүүчү төрт К. с. аркылуу аныкталат. Суутектин ж-а суутек сымал атомдордун абалы n, l, m_l, m_s К. с. м-н мүнөздөлөт. Негизги (башкы) К. с. n=1, 2, 3, ... электрондун туруктуу абалындагы энергия деңгээлин аныктайт. Азимуттук (же орбиталык) К. с. l=0, 1, 2, ..., n–1 электрон орбитасындагы кыймыл сан моментинин квадратынын маанилеринин спектрин берет: $M_l^2=\hbar^2 l(l+1)$. Магниттик К. с. m_l орбиталык моменттин M_l кандайдыр бир эркин тандалып алынган багытка (z огу деп кабыл алынуучу) түшүрүлгөн проекциянын M_l^z мүмкүн болгон маанилерин мүнөздөйт: $M_l^z=\hbar m_l$. Спиндик К. с. m_s электрондун спинининин проекциясынын мүмкүн болгон маанилерин мүнөздөйт ж-а эки мааниге ээ $m_s=\pm 1/2$.

КВАНТТЫК ТЕОРИЯ – илимде микродүйнө объектилеринин түзүлүшүн, кыймылын ж-а өз ара аракеттенүүсүн окутуп-үйрөтүүчү физ. теория. Ал *кванттык механика*, кванттык статистика ж-а *кванттык электрдинамика* бөлүмдөрүн камтыйт. Электрондордун ж-а жарык кванттарынын касиеттеринин дал келишин изилдөө үчүн түзүүгө алып келген. К. т-нын өнүгүүсүнүн негизги этаптары: А. Эйнштейндин фотоэлектрэффектисин түшүндүрүүсү, фотондордун таралуусун б-ча А. Комптондун нурлануунун кванттык мүнөзүн ачып көрсөтүүсү. Ал эми Н. *Бордун* теориясы, Ж. *Франк* м-н Г. *Герцтин* тажрыйбалары атомдун нурлануусунун кванттык мүнөздөмөсүн далилдеген. Теориянын өнүгүшүнүн кийинки этабы микробөлүкчөлөрдүн толкундук касиетин байкоо м-н иш жүзүнө ашат. 1924-ж. фр. физик Луи де Бройль бөлүкчөлөрдүн корпускулалык абалынан тышкары дагы толкундук касиети тууралуу айткан. Дүйнөлүк окумуштуулар М. Лауэ, У. Томсон, К. Девиссон ж-а Л. Жермердин тажрыйбалары бөлүкчөлөрдүн толкундук касиетин далилдөөчү дифракция кубулушуна арналган. К. т-да материянын туруктуулугу ж-а өзгөрмөлүүлүгү, дискреттүүлүгү ж-а үзгүлтүксүздүгү анын негизги касиеттери болуп эсептелет. К. т-да микробөлүкчөлөрдүн кыймылы координаталардын ж-а убакыттын бир катар функциялары $[\psi(x, y, z, t]$ аркылуу жазылат (к. *Толкун функциясы*). Эркин микроболүкчөлөрдүн негизги мүнөздөөчүлөрү энергия (Е) ж-а импульс (р). К. т-да закондордун негизги айырмачылыктары – символдордун сандар м-н эмес, абстракттуу матем. түшүнүктөр – операторлор м-н белгилениши. Классикалык теориядан айырмаланган жаңы түшүнүктөр, б. а. материянын корпускулалык (дискреттүү) ж-а толкундук (үзгүлтүксүз) касиеттери келип чыгат. Бул атомдук процесстерди жазуудагы жаңы ыкма болуп эсептелет.

Ад.: *Шаршекеев* О. Ш. Квант теориясы. Б., 2001.

КВАНТТЫК ХИМИЯ – хим. реакцияларда бирикмелердин түзүлүшүн, касиетин, алардын бири-бири м-н болгон аракетин ж-а айлануусун кванттык механиканын көз карашынын ж-а анын ыкмаларынын негизинде кароочу химиянын теор. бөлүгү. Ал хим. байланыштардын табияты, валенттүүлүк, молекулалардын электрондук түзүлүшү ж-дөгү окууну камтуу м-н, молекулалардын спектрскопиялык, электрдик, магниттик касиеттери, алардын өз ара аракеттенүү күчүн, реакцияга кирүү жөндөмдүүлүгүн кванттык механиканын ыкмаларынын негизинде түшүндүрөт. Кванттык механикада атом-мол. системанын касиетин Шрёдингер теңдемеси, Паули принциби ж-а универсалдуу физ. туруктуулуктардын негизинде эсептөөгө болот. Бул теңдеме көп электрондуу системалар үчүн так чыкпайт. Мындай системалар үчүн жакындаштырылган ыкмалар – валенттик байланыш ж-а молекул. орбитал ыкмалары пайдаланылат. Объектинин татаалдыгына, изилдөөнүн максатына жараша эмпириялык эмес же андан да жөнөкөй жарым эмпириялык эсептөө ыкмалары колдонулат. Эмпириялык эмес ыкмалар аркылуу системадагы ядролордун ж-а электрондордун саны, о. эле ядролордун заряддары ж-а фундаменталдык туракттуулардын маанилери берилет. Жарым эмпириялык ыкмаларда, кошумча түрүндө, эсептөөгө киргүүчү айрым чондуктардын маанилери тажрыйбадан алынат. Молекуланын электрондук түзүлүшүнүн анализи, хим. байланыштын ар кандай түрлөрүн, классикалык хим. түзүлүш теориясынын ж-а хим. кинетиканын көпчүлүк түшүнүктөрүн талкуулоого мүмкүндүк берди. К. х-нын негизинде молекуланын электрондук спектрлеринин жутулушу ж-а люминесценциянын теориялары, фотоэлектрондук ж-а рентгенэлектрондук спектрлер теориялары иштелип чыккан. Молекулалардын электрдик ж-а магниттик касиеттеринин кванттык теориясы химияга изилдөөнүн физ. методдорун жайылтууга көмөк берди ж-а тажрыйбалык натыйжаларды талкуулоону бир кыйла жеңилдетти. К. х-нын ыкмалары мол. биологияда, биол. мембраналардын моделдерин эсептөөдө, булчуңдардын иштешин моделдөөдө ж. б. колдонулат.

Ад.: *Степанов Н. Ф.* Квантовая механика и квантовая химия. М., 2001; *Майор И.* Избранные главы квантовой химии. Доказательства теорем и вывод формул. М., 2006.

КВАНТТЫК ЭЛЕКТР-ДИНАМИКА – электр-магнит талаасынын ж-а анын заряддуу бөлүкчөлөрү (негизинен электрон, позитрон ж-а мюон) м-н өз ара аракеттенишинин кванттык теориясы. Тажрыйбада далилденген электр-магнит нурлануусунун дискреттүүлүгү ж-дөгү түшүнүк К. э.-д-нын негизи болуп эсептелет. 1900-ж. М. *Планк* монохром жарыктын нурлануу процессинин дискреттүүлүгү ж-дөгү гипотезаны айткан. Бул гипотеза б-ча электр-магнит талаасынын энергиясы белгилүү чондукта, б. а. порция түрүндө өзгөрөт. А. *Эйнштейн* фотоэффект теориясын сунуш кылган. Ал теория б-ча электр-магнит талаасы фотон деп аталуучу элементардык талаалардан турат. Бул эки гипотеза азыркы кезде далилденген. Электр-магнит талаасынын кванты (фотону) – жыштыктын берилген чондугунда талаанын мүмкүн болгон минимум энергиясын $E=h\nu$ ж-а импульсун $p=h/l$ алып жүрөт, мында h – *Планк туракттуулугу*, $l=c/u$ – толкун узундугу, с – жарык ылдамдыгы. Демек

электр-магнит нурлануусуна ν ж-а λ м-н мүнөздөлүүчү жалаң эле толкундук эмес, о. эле дискреттүүлүк, корпускулалык касиет да тиешелүү. Электр-магнит нурлануусунун заряддуу бөлүкчөлөр м-н өз ара аракеттениши К. э.-д-да бөлүкчөлөрдүн фотондорду жутушу ж-а бөлүп чыгарышы катары каралат. Фотондордун алмашуусу заряддуу бөлүкчөлөрдүн өз ара аракеттенишин шарттайт. Бөлүкчө фотондорду бөлүп чыгарат, аларды кайра жутат; бөлүкчөлөрдүн өзүнүн талаасы м-н өздүк аракети же өз-ара аракеттениши төмөндөгүдөй натыйжага алып келет: атомдордогу энергия деңгээлинин Лемб жылышуусу, чачырабашы ж. б. Классикалык электр-динамика түшүндүрө албаган айрым маселелер. К. э.-д-да толук чечмеленген, мис., нерселердин жылуулук бөлүп чыгарышы, жутушу, чачыратышы, заряддуу бөлүкчөлөрдүн электр-магниттик өз ара аракеттениши ж. б. Мындан тышкары электр-магниттик нурдун электрондор ж-а позитрондор м-н өз ара аракеттениши сыяктуу башка кубулуштарды да К. э.-д. өтө так түшүндүрөт.

Ад.: *Фейнман Р.* Квантовая электродинамика. М., 2004.

КВАРКТАР – спини 1/2 болгон элементардык бөлүкчөлөр. Азыркы көз караш б-ча бардык *адрондордун* түзүүчүлөрү: *бариондор* ж-а *мезондор* К-дан турат деп эсептелет. К. ж-дөгү божомолду 1964-ж. бири бирине байланышпай туруп М. Гелл-Манн (АКШ) ж-а Ж. Цвейг (Австрия) спектроскопиядагы закон ченемдерди ж-а адрондордун касиеттерин түшүндүрүүдө айтышкан. К. божомолуна ылайык бариондор үч К-дан (антибариондор – үч антикварктан), мезондор – К-дан ж-а антикварктардан турат. Эркин абалдагы К. али табыла элек ж-а адрондорду аны түзүүчү К-га ажыратууга мүмкүн эмес деп эсептелинет. 19-к-дын 80-жылдарынын башында К-дын 5 түрү белгилүү болгон: *u, d, s, c, b*. Андан кийин теор. негизде алтынчы К. – t-К-дын болору алдын ала айтылган. Бардык К. бариондук сан (бариондук заряд) B=1/3 м-н түшүндүрүлөт. Бариондор үчүн B=1, ал эми мезондордуку B=0. Бул бардык К-дын бариондук заряды 1/3; *u, c, t* К-дын электр заряды – 2/3; *d, s, b* К-дыкы – 1/3. Бардык *лептондор* ж-а К. *фермиондор* (спини 1/2ге барабар) болуп эсептелинет. К-дын типтери баарыдан мурда төмөнкү ички *кванттык сандар* [*Изотоптук спин (I)* ж-а анын проекциясы (I_3), кызыктуулук (странность) (*S*), суктануу *(очарование)* (*C*), сулуулук (красота) (*b*) аныктык (истинность) (*t*) ж-а электр заряды (Q)] м-н мүнөздөлөт. К-дын электр заряды жогорудагы ички кванттык сандар м-н туюнтулуп, Гелл-Манн – Нишижиманын жалпыланган формуласы м-н берилет (е элементардык заряд бирдиги б-ча): $Q=I_3+1/2(B+S+C-b+t)$. Экинчи кошулуучунун эки эселенген мааниси *гиперзаряд* деп аталат. Кванттык хромодинамикада түс деп аталуучу үч жаңы заряд (кызыл, жашыл ж-а көк) киргизилген. Ага карама-каршы: антикызыл, антижашыл ж-а антикөк түстөр да бар. Ар кандай ароматтары кварк үч түстүн бирине, ал эми антикварк [illegible] антитүстүн бирине ээ.

Ад.: *Окунь Л. Б.* Лептоны [illegible]рки. 4-е изд. М., 2008.

КВАРТЕ́Т (лат. quartus – [illegible]үнчү) – 1) төрт аткаруучудан (аспапчылар[illegible] же вокалисттерден) турган ансамбль. Ас[illegible]тык К. кылдуу, тартма, үйлөмө жыгач, үйл[illegible] жез аспаптардан турган бир беткей, о. эле аралаш болушу мүмкүн. Курамы эркектерден же аялдардан (сопрано, альт, тенор, бас) турган ж-а аралашма вокалдык К-тер да болот; 2) 4 аспап же 4 ырчы үчүн жазылган муз. чыгарма. Аспаптык К-те негизинен ансамблдик-камералык музыка басымдуу орун ээлейт. Алар көбүнчө соната түрмөгүндө жазылган чыгармалар. Айрым операларда, ораторияларда да К. кездешет.

КВАРЦ – тоо тек пайда кылуучу эң кеңири таралган минерал. Хим. формуласы SiO_2. Гексагон ж-а *тригон системасында* кристаллданат. Өңү-түсү ар түрдүү. Көбүнчө түссүз, тунук, ак, сүттөй ак, боз, бозомук каралжын, кызгылтым ж. б. Түссүз тунук түрү – *тоо хрусталы*, кызгылтым көгүшү – аметист, тунук эмес бозомтугу – *раухтопаз*, каралжын түстүүсү – *морион*, алтын сыяктанган саргычы цитрин деп аталат. Курамында киринди түрдө актинолит же хлорит кездешсе, жашыл түскө өтүп кетет. Аны празем, слюда же гематит болсо – авантюрин, кристаллсыз түзүлүштөгү түрлөрү – *агат* же *халцедон* деп аталат. Бардыгы айнектей жалтырайт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 7. С. салм. 2,65. Гидротерм процессинде кенташ тарамдарын пайда кылат. Радиотехника, акустика, оптикада, карапа м-н айнек жасоодо, кооз таш катары зергерликте, курулушта колдонулат.



КВАРЦИ́Т – кварц минералынан турган, метаморфизмделген тоо тек. Курамында слюда (мусковит, серицит, пирофиллит), турмалин, силлиманит, диаспор, топаз, андалузит, хлорит, эпидот, тальк, талаа шпаты ж. б. кездешет. Өңү каралжын, күрөң, кызгылтым, көгүш, агала. Отко чыдамдуу. Курамында SiO_2 95–99% ке жетет. Кварцтуу кумдуктар м-н айрым магма тектердин күчтүү өзгөрүшүнөн пайда болот. Темир, цинк, коргошун, жез, молибден, алтын ж. б. кендери байланыштуу. Отко чыдамдуу материалдарды жасоодо, металлургияда (флюс катары), курулуш ишинде кеңири пайдаланылат.



Айрым түрү кайрак таш катары колдонулат. О. Азия, Казакстан, Урал, Ы. Чыгышта көп жолугат. Кырг-нда байыркы тектер м-н бирге кездешет. Гидротерм про[illegible]инен өзгөрүүлөргө дуушар болсо, э к и н ч и [illegible] т у у н д у К. деп аталат.

КВАС – ка[illegible]уудай унуна же кургатылган нанына кара[illegible]дай ж-а арпа угутун, кант ж-а суу кошуп [illegible]туудан алынган суусундук; алкоголсуз ич[illegible]дик. К-тын курамында табигый көмүр кычк[illegible] газы м-н сүт к-тасы бар. Алар К-тын даамын бир аз кычкылдантып, адамдын организмине керектүү витамин, көмүртек ж-а микроорганизмдерди пайда кылат. 1 *л* К. 840–300 *кДж* энергия берет. К. даярдоодо арпа, таруу, жемиш, бал, кант ж-а түрдүү жыттуу чөптөр, өсүмдүк тамыры колдонулат. Аны жасоо К. ширесин даярдоо, ачытуу, купаждоо, идишке куюу иштеринен турат.

КВАТРОЧЕ́НТО (итал. quattrocento, сөзмө-сөз – төрт жүз) – 15-к-дын италянча аталышы. Италиянын көркөм сүрөт иск-восунун же жалпы эле мад-тынын өнүгүү мезгили катары берилет. Ошол мезгилдеги сүрөтчүлөрдү кватрочентисттер деп аташкан.

КВЕБЕ́К – Канаданын чыгыш бөлүгүндөгү шаар. Квебек провинциясынын адм. борбору. Ыйык Лаврентий д-нын чатында жайгашкан порт (2006-ж. 23 млн *т* жүк ташылган). Калкы 668,5 миң (2008; шаар айланасы м-н 695,8 миң); калкынын саны б-ча өлкөдөгү 7-шаар. Ири жол тоому. Эл аралык аэропорту бар. 1535-ж. француз деңиз сүзүүчүсү Ж. Картье чоң кыштак бар экенин байкаган. 1663–1759-ж. Франция ээлигинин борбору, 1674-жылдан епископтуктун резиденциясы болгон. 1867-жылдан ушундай аталыштагы провинциянын адм. борбору. Арх-ра эстеликтери: цитадель (1820–31), Отель-Дьё (1644; Түн. Америкадагы алгачкы оорукана), семинария (1663; учурда музей), классицизм стилиндеги базилика – Жаңы Франциянын башкы католик собору (1647), Ыйык Троица англикан собору (1800–04), Шевалье чарбагы (17–18-к.) ж. б. Эстеликтер тургузулган. Жеңил, тамак-аш, жыгаччылык, целлюлоза-кагаз, кеме куруу ө. ж. ишканалары иштейт. Лаваль унти, китепканалар, улуттук музей, театр бар. Жыл сайын кино ж-а театр фестивалдары, карнавалдар өткөрүлүп турат. Туризм өнүккөн (жылына 6 млн турист келет).

КВЕ́ДЛИНБУРГ – Германиядагы шаар. Саксония-Анхальт жеринин курамында. Гарц тоосунун түн. этегинде, Боде д-нын боюнда жайгашкан. Калкы 22 миң (2008). Шаар 922-жылдан эскерилет. Чиркөөлөр, ратуша, шаардын эски бөлүгүндө модерн стилиндеги үйлөр сакталган. Роман стилиндеги Штифтскирхе сепили ж-а шаардын эски бөлүгү *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген. Шаардын экономикасынын негизин туризм түзөт. Үрөнчүлүктүн ж-а жашылча селекциясынын, гүл өстүрүүнүн ири борбору. Музейлер, жазуучу Ф. Г. Клопштоктун үймузейи, ИИИлер ж. б. бар. Металл иштетүү,



Роман стилиндеги Штифтскирхе чиркөөсү. 1070–1129.

прокат өндүрүшү, фармацевтика,, жыгаччылык, тамак-аш – татымал ө. ж. ишканалары иштейт. Туризм өнүккөн.

КВЕ́РШЛАГ – жер бетине чыгууга түз жол жок болгон учурда, узатасынан созулуп жаткан кен катмарды бойлой кеткен, тоо тектерде жүргүзүлгөн казма. Түз же эңкейиш казылат. Кен катмарына барып такалат же кесип өтөт. К. кенди казып алуу, ташуу, жумушчулардын ары-бери жүрүшү, шахтанын ичин желдетүү, жер астындагы сууларды агызуу үчүн колдонулат. Кенди толук казып бүткөнчө ар кандай кырсыктардан сактануу үчүн жыгач, темир, темир-бетон, бетон тироөчтөр м-н бекитилет.

КВИНТЕ́Т (лат. quintus – бешинчи дегенден) – 1) 5 аткаруучудан (аспапчылардан же вокалисттерден) турган ансамбль. К. курамы бир түрдүү аспаптардан (мис., тартма кылдуу, үйлөмө жыгач, үйлөмө жез аспаптар) турат; 2) 5 аспап же 5 ырчы үчүн жазылган муз. чыгарма.

КВИНТИЛЛИО́Н (фр. quintillion) – бирден кийин 18 нөлү бар сан, б. а. 10^{18} саны; кээде К. деп 10^{30} саны аталат.

КВО́ТА (англ. quota – үлүш, бөлүк) – 1) улуттук же эл аралык бирикмелердин катышуучуларынын ар бири үчүн тиешелүү макулдашуулардын чегинде белгиленүүчү *өндүрүшкө*, соодага катышуу үлүшү; 2) эл аралык экон. же валюта-финансылык уюмдун *уставдык фондуна* же *капиталына* өлкөнүн төгүмү; 3) салык бирдигине алынуучу салык чени.

КЕБЕК БИЙ Эсиркемиш уулу (т. ж. б. – 18-к-дын 2-жарымы, Чүй өрөөнү) – солтонун бө-

лөкбай уруусунун бийи; кыргыз-казак мамилелери б-ча саясий ишмерлердин бири (к. *Абылай хандын кыргыздарга жортуулдары, Жайыл кыргыны*). Калыс, сөзгө чебер болгондуктан, 1850-жылдары кыргыздардын курултайын уюштурууга ж-а аларды калмактан бошой баштаган мурунку конуштарына көчүрүүдө жигердүү роль ойногон (к. *Кыргыздардын Чүйгө келиши*). 18-к-дын 2-жарымында конуш маселеси б-ча *Эсенкул баатыр* жүргүзгөн саясатты колдоп, кыргыз-казак мамилелеринин татаалданышына байланыштуу кыргыздардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн *Тулоберди* м-н бирге *саяк, талкан* ж. б. урууларынын бийлери *Садыр, Жайыл, Момоконду* биримдикке чакырган. Кээ бир маалыматтарда Абылай хан кыргыздарга салык салып сынаганда, кыргыздардын атынан аны К. б. төлөп берген деп айтылат.

Ад.: *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. Т. 1. Б., 1993; Алымбектин санжырасы. Б., 2007.

КЕБЕКОВА Батма (15. 6. 1935-ж. т., Чүй обл., Кемин р-ну, Чоң-Кемин айылы) – фольклор изилдөөчү, КРдин илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (2004), КРдин маданына эмг. сиң. ишмер (1995), филология илимд. кандидаты (1964). Фрунзе ш-ндагы В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер педин-тун бүткөн (1954). КМУда аспирант (1954–57), окутуучу (1957–58), Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунда кенже ил. кызматкер (1958–65), улук ил. кызматкер (1966–86), жетектөөчү ил. кызматкер (1986–90), 1990-жылдан бөлүм башчы. «Кыргыз, казак фольклордук байланышы» (1982) деген монографиянын, «"Курманбек" эпосунун варианттары» (1961), «Эр Табылды эпосунун идеялык багыты жана көркөмдүк өзгөчөлүгү» (1963), «Кедейкан эпосунун идеясы жана көркөмдүк өзгөчөлүгү» (1964), «Кыргыз совет аңгеме жанрынын өсүш жолдору» (1967), «Кыргыз, казак акындар чыгармачылыгынын байланышы» (1985), «Кыргыз эл ырлары» (1994), «Кыргыз элинин каада-салт ырлары» (2001) ж. б. ил. эмгектердин автору.

КЕГЕТИ – Чүй р-нундагы суу. Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталынан башталып, Чүй д-на жетпей сугатка бөлүнүп кетет. Уз. 55 *км*, алабынын аянты 290 *км*². Баш жагында токойлуу кууш өрөөн м-н агып, нугунда шагыл таштар, босоголор бар. Тоодон чыга бериште өрөөнү кеңейип, салааларга бөлүнүп кетет. Жылдык орт. чыгымы 2,34 *м*³/сек. Эң көп чыгымы июлда, эң азы февралда байкалат. Декабрда тартылып, май айында кире баштайт. Ири куймасы – Көл-Төр (17 *км*). Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Кегети, Ак-Бешим ж. б. кыш. жайгашкан.

КЕГЕТИ – Чүй р-нундагы кыштак. Кегети айыл округуна караштуу. Кегети суусунун боюнда, деңиз деңг. 950 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Токмок ш-нан 22 *км* түш.-батыш тарапта. Кыштак 1816-ж. негизделген. Калкы 1136 (2007); негизинен дыйканчылыкта эмгектенип, мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, дарыкана бар. Үй-бүлөлүк врачтар тобу, айылдык ден соолук к-ти, соода түйүндөрү иштейт. К[illegible] жазуучу Н. *Байтемиров*, академик А. *Как*[illegible] туулган.

КЕГЕТИ АШУУСУ Кыргыз[illegible]а-Тоосунда, Кегети (Чүйдүн сол куймасы) к[illegible] Чыгыш Каракол (Кочкордун сол куймасы) с[illegible]арынын башынан орун алган. Бийикт. 3702 *м*. Тоо кырларынын ашуудан салыштырмалуу б[illegible]ийикт. 400–500 *м*. Капталдары тик. Ашуу девон карбондун кумдук, катмарлуу конгломерат, сланец, мергель тектеринен турат. Чүй өрөөнүнөн Ийри-Суу ж-а Суусамыр жайлоолоруна мал ашырылат. Кыш мезгилинде кар калың жаап, 2–3 ай ашуу жабылат.

КЕГЕТИ МРА́МОР КЕНИ Чүй р-нунун аймагында, Токмок ш-нан 32 *км* түш.-батышта, Ысык-Ата м-н Кегети өрөөндөрүнүн аралыгында. Кен протерозойдун мраморго айланган акиташ тектеринен турат. Мрамор майда кристаллдуу, сары, жашыл, серпентиндешкен саргыч, графиттешкен кара мрамор болуп, бир нече түргө бөлүнөт. Жалпы калындыгы 15–18 *м*, уз. 1750 *м*. Жакшы сайкалданат. Блоктуулугу 20×20×10 *см*. Запасы 3,41 млн *м*³. Кендеги мрамордон кооз буюмдарды жасоого болот.

КЕГЕТИ ӨРӨӨНҮ Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталында. Уз. 35 *км*, таманынын жазы жери (Чүй өрөөнүнө чыга бериште) 3–4 *км*, кууш жери (ортоңку бөлүгүндө) 400–600 *м*. Өрөөндүн ооз (түн.) тарабы деңиз деңг. 1400 *м*, төрү 3600 *м* бийикте жайгашкан. Эрозиялык ж-а денудациялык процесстерден пайда болгон. Көп бөлүгү V сымал. Таманында төртүнчүлүк мезгилдин чөкмө тоо тектери жокко эсе. К. ө-нүн ландшафтына бийиктик зоналуулук мүнөздүү. Анда талаа ж-а шалбаалуу талаа, бийик чөптүү шалбаа, бадал аралаш субальп, альп шалбаасы мүнөздүү. Бийик чөптүү шалбаа аралаш өскөн карагай токою, аскалуу тоо беттери өрөөндүн табиятына өзгөчө кооздук берип турат. Баш жагында көл ж-а шаркыратма бар. Кегети аркылуу Чүй өрөөнү м-н Кочкор ойдунуна мал ашырылат.

КЕГЕТИ ШАРКЫРАТМАСЫ Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталында. Чүй р-нунун аймагында. Кегети суусунун сол куймасынын капчыгайы негизги өрөөнгө кошулган жердеги акиташтуу тик кашат аркылуу түшөт. Бийикт. 18–20 *м*. Өрөөн аркылуу өткөн кара жолго жакын болгондуктан, туристтердин эс алуусуна ыңгайлуу.

«КЕДЕЙКАН» – кыргыз эл дастаны. Анда социалдык мамилелер курч көрсөтүлүп, таптык жиктелүү ачык байкалат. Ушундан улам бул дастан феодалдык-патриархалдык мамилелер өкүм сүрүп турган мезгилде пайда болгон деп болжолдоого болот. Эки варианты бар. Биринчиси – Калык Акыевдин айтуусундагы Токтогулдун варианты, 1938-ж. жарык көргөн. Ал 1954-ж. Токтогул Сатылгановдун ыр жыйнагына басылган. Экинчиси – К. Мифтаков Алымкул Үсөнбаевден жазып алган вариант. «К.» дастанынын баш каармандары – Керээз (Кедейкан), Гүлсаана кемпир ж-а Азимкан. Керээз жетим өсүп, эр жеткенде кан болот. Ал жаштайынан эмгекчил, ар[illegible]нерсеге жөндөмдүү болуп өсөт, акылмандыгы[illegible], айлакердиги м-н Азимканды жеңип, бийликке жетет. Такка отурган күндөн эле Кедейкан[illegible] карапайым элдин акыл-насаатын, кеп-кенешин[illegible]туп, адилет мамиле кылат. Гүлсаана – жет[illegible]жесирге кайрымдуу, мээримдүү ж-а мейман[illegible]каарман. Кедейканды да Гүлсаана багып тарбия[illegible]п өстүрөт. Элге үстөккө-бостон салык салы[illegible]егерегине эшен, кожо-молдолорду топтоп, [illegible]ди алдап жүргөн Азимкан элдик көз караштан алганда зулумдугу үчүн жазаланат. «К.» – көркөмдүк жактан жетик ж-а идеясы терен, кыргыз элинин дүйнөгө көз карашын, түшүнүгүн, ой-санаасын, тилегин чагылдырган тарбиялык мааниси зор чыгарма.

КЕДРИНА Зоя Сергеевна [18 (31). 8. 1904, Москва – 1998, ошол эле жер] – адабиятчы, филология илимд. доктору (1974), сынчы, котормочу. Москвадагы Горький атн. Дүйнөлүк ад-т интун (1938) бүтүргөн. Адабий сынчылык ишин 1930-жылдары казак ад-ты б-ча макала жазуудан баштаган. К-нын орус ж-а СССР элдеринин ад-тынын ар кыл маселелерин изилдөөгө арналган китептери, 300дөн ашуун адабий-сын макалалары жарык көргөн. Ал кыргыз ад-ты м-н ад-т таануу илиминин айрым маселелери ж-а Ч. *Айтматов*, Т. *Сыдыкбеков*, А. *Осмонов*, Т. *Касымбеков* ж. б. акын-жазуучулардын чыг-ыктары тууралуу ондогон макалалардын автору. Өзбек ССРинин Бируни атн. мамл. сыйл. лауреаты (1970). Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Мухтар Ауэзов. М., 1952; Литературно-критические статьи. М., 1960; Главное – человек. М., 1972.

КЕДРЛУУ ӨРӨӨН КОРУГУ Приморье крайында, Амур булунунун батыш жээгинде. Аянты 179 *км*². 1916-ж. уникалдуу токой массивин коргоо максатында корукча катары уюшулган. 1934-жылдан СССР ИАнын Ы. Чыгыш филиалына өткөн; учурда Россиянын ИАнын Ы. Чыгыш мекемеси; 1964-жылдан Биология-топурак ин-тунун курамында. 2004-ж. ЮНЕСКОнун биосфералык резерват статусун алган. Кедрлүү суусунун алабында Чыгыш-Манжур тоолорунун капталынан (бийикт. 700 *м*) орун алган. Табияты кооз, аскалуу, кууш кырка тоолор, шаңшаар сымал өрөөндөр, шаркыратмалар мүнөздүү. Коруктун 70% и ийне-жазы жалбырактуу ж-а жазы жалбырактуу токой. Токой аянтынын 10%ке жакынын көк карагай эөлейт. Ал реликт каралжын же бүтүн жалбырактуу көк карагай, моңгол эмени, ак чечек, заран, кайың ж. б-дан



Кедрлүү өрөөн.

турат. О. эле аян карагайы, корей кедринен турган көк карагай-жазы жалбырактуу токойдун чакан массивдери кездешет. Коруктун аймагында энилчектин 80ден, мамык чөптүн 140тан, түтүктүү өсүмдүктүн 860тан, о. эле калпактуу козу карындын 540тан ашык түрү бар. РСФСРдин Кызыл китебине өсүмдүктөрдүн 11, сүт эмүүчүлөрдүн 50, канаттуулардын 200гө жакыны а. и. күкүктүн 5, тонкулдактын 7, жердесууда жашоочулардын 8, сойлоочулардын 8 түрү киргизилген. Ал эми Россиянын Кызыл китебине – амур жолборсу, кабылан, уссурия чаар бугусу, кара жору, кабырчыктуу арам өрдөк, япон эчки маарагы, карчыгалуу жаман сары ж. б. кирген.

КЕЖЕҢ, к. *Брадзот*.

КЕЗДЕМЕ – атайын токуу станогунда жиптерден эриш-аркак токулган текстиль материалы. Кээде К-ге түк, оймо-чийме, сүрөт түшүрүү үчүн эриш-аркактан жиптерден башка да кошумча жиптер пайдаланылат. К. эндей ж-а даана түрүндө (жоолук, дасторкон ж. б.) иштеп чыгарылат. Калындыгы 5 *мм*ге, эни (туурасы) 1,5 *м* ге



жетет. К. була курамы, арналышы, о. эле, токуп чыгаруу, көркөмдөө ж-а түр салуу ыкмаларына карата класстарга бөлүнөт. К. бардык текстиль булалары м-н жиптерден токулат. Текстиль о. ж. тармагына ж-а көп колдонулуучу була курамына жараша кебез, кендир, жүн, жибек К. ж. б. болуп айырмаланат. К-нин түрү бир тектүү, аралаш ж-а бир тектүү эмес даярда-

лат. Бир т е к т ү ү К. бир түрдүү буладан жасалган жиптен же 10% башка жип аралаштырылат, а р а л а ш К. түрдүү булалардан даярдалган жиптерден кезектештирилип токулат. Арналышына карата кездеме тиричилик ж-а тех. болуп бөлүнөт. Болжол м-н К-лердин жалпы санынын 2/3 бөлүгү тиричилик К-си болуп эсептелет. Алар кийимдик (ич кийим, тыш кийим ж. б.), көркөмдүк (эмеректик, пардалык ж. б.) ж-а ным сиңиргич (сүлгү, салфетка ж. б.) болуп айырмаланат. К. токулуп чыккандан кийин жасалгаланат. Анда жуулат, агартылат, боёлот, ар кандай түр салынат ж. б. технол. процесстерден өткөрүлөт.

КЕЗДЕШҮҮЧҮ КАЗМАЛАР – бир мезгилде эки тараптан бири-бирин көздөй жүргүзүлгөн жер асты б-ча казмалардын бир чекиттен кездешүү ыкмасы. Тереңдеги кен байлыктарды казып алууда ишти тездетүү үчүн колдонулат. Шахтада жаңы түздүктөр бөлүнөт. Участкалар даярдалат. Маркшейдерлер эки тараптын багытын аныктап, ката кетирбей текшерип турат. Айырмачылык бир нече *см*ден ашпоо керек.

КЕЙИПКЕР, к. *Образ.*

КЕЙНС Жон Мейнард (5. 6.1883, Кембриж –21. 4. 1946, Суусекс графтыгы, Ферл) – англ. экономист, мамл. ишмер ж-а публицист, 20-к-дагы экон. ой жүгүртүүнүн маанилүү агымдарынын биринин негиз салуучусу. Кембриждеги Королдук колледжде (1902–06) окуган. 1920-жылдан Кембриж ун-тинин проф. «Индекс методдору» аттуу алгачкы экон. эмгеги үчүн 1909-ж. А. Смит атн. сыйл. алган. 1930-ж. К-тин акча жүгүртүү теориясы б-ча өз лекциясынан турган «Акча жөнүндө трактат», 1936-ж. «Жумуштуулуктун, проценттин жана акчанын жалпы теориясы» аттуу эмгектери жарыяланган. К. *улуттук киреше, керектөө, сактам* ж-а инвестиция сыяктуу агрегатталган *көрсөткүчтөргө* көңүл бурган ж-а экон. активдүүлүк деңгээлинин калыптануусун түшүндүрүүчү жалпы теорияны иштеп чыккан. 1944-ж. *Эл аралык валюта фондун* ж-а *Эл аралык реконструкция жана өнүгүү банкын* түзүү планын иштеп чыккан Бреттон-Вуд конф-ясына британиялык делегацияны жетектеп барган. К. теориясы АКШда, Улуу Британияда ж-а бир катар өлкөлөрдүн *экономикалык саясатына* олуттуу таасир тийгизген.

Ад.: *Скидельски Р. Д.* М. Кейнс: Экономист, философ, государственный деятель. М., 2005. Кн. 1–2.

КЕЙП-ЙОРК – Австралиянын түн.-чыгышындагы жарым арал. Коралл (Шуру) деңизи м-н Карпентария булуңунун аралыгында. Аянты 300 миң *км*². Түндүктөн түштүктү карай 600 *км*ге созулат, жазылыгы 200 *км*ге чейин. Түндүгүндө Австралиянын эң түн. чекити – Йорк тумшугу жайгашкан. Жеринин бети негизинен түздүктүү; чыгыш бөлүгүндө Мак-Илрейт кырка тоосу жайгашкан (эң бийик жери 685 *м*, Картер чокусу). Негизги дарыялары – Уэнлак, Арчер. Боксит кени казылып алынат (Уэйпада). Эвкалипт токою, чыгышында дайыма [illegible]жашыл нымдуу ж-а тропик токою басымдуу. [illegible]рдин-Ривер, Арчер-Бенд улуттук парктары [illegible] Жээгинде Порт-Стьюарт порту жайгашкан.

КЕЙПТА́УН (англ. Cape Tow[illegible] Capetown), К а п с т а д – ТАРдын түш.-б[illegible]ындагы шаар. Батыш Кейп провинциясы[illegible] адм. борбору. Атлантика океанынын жээ[illegible]де, Илгери Үмүт



Шаардын бир бөлүгү.

тумшугуна жакын жайгашкан. ТАРдын өкмөтүнүн резиденциясы. Калкы 3,4 млн (2008; өлкөдөгү эң ири шаарлардын бири). Ири жолдор тоому. Порт (жылына 42 млн *т* жүк ташылат). Эл аралык аэропорту бар. 1652-ж. негизделген. Ыйык Андрей чиркөөсү (1929), Ыйык Георгий собору (1904), Түш. Африка королдор коому (1877), калк китепканасы, ун-т, Түш. Африка музейи, улуттук галерея, филармония, опера мектеби бар. Хим., текстиль, машина куруу, нефть ажыратуу, жыгаччылык, тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт. Алмаз кырдалат. 17–18-к-дын арх-ра эстеликтери сакталган. 1652-ж. голланддар тарабынан негизделген. К-га жакын Африкадагы алгачкы АЭС курулган. Ботан. бак уюштурулуп, анда Түш. Африканын флорасынын уникалдуу коллекциясы өстүрүлөт. Океанарий ж-а аквапарк бар. Жыл сайын менестрель (эшик ырчы) фестивалы өткөрүлүп турат. Туризм өнүккөн (жылына 1,6 млн турист келет).

КЕК (англ. cake – катуулануу) – суспензияны чыпкалоодон чыккан катуу бөлүкчөлөр же кенден, о. эле ө. ж. продуктуларынын баалуу компоненттерин эритип алгандан кийин калган калдык. Анда 12–20% ным болот. Суусу сарыктырылып, катуу абалга чейин кургаткандан кийин гана жер семирткич катары пайдаланылат. Эгерде К-тин курамында уулуу заттар (мис., оор металлдар) арбын болсо, көмүлүп салынат.

КЕКЕК (Oxytropis) – өсүмдүктөрдүн чанактуулар тукумунун уруусу. Көп жылдык, сабагы анча өөрчүбөгөн, татаал жалбырактуу, түктүү чөп.

Гүлдөрү түркүн түстүү, нык же көпшөк, тоголок же сүйрү. Гүлүнүн кайыкчасы учтуу, чанагы сүйрү, тоголок, жаргактай же теридей, бир же эки, кээде жарым-жартылай уялуу. Кырг-нда К-тин 56 түрү бийик тоодо, аска зоо коңулдарында өсөт. Кээде башка өсүмдүктөр өсө албаган мөңгүгө жакын жерде К-тин айрым түрү кезигет, о. эл[illegible]тоонун күнөс беттеринде, шагыл таш арасына[illegible]да учуратууга болот. Респ-када К-тин 34 энд[illegible]ык түрү белгилүү.

КЕКЕЧТИК [illegible]өздүн муунун, тыбышын эрксизден токтоп ж[illegible]айталап айтуу м-н мүнөздөлгөн сүйлөөнүн б[illegible]лушу. Мектеп окуучуларында, айрыкча эрк[illegible] балдарда көп жолугат. Ал катуу коркконд[illegible], үй-бүлөдөгү чыр-чатактан, жугуштуу оору[illegible]дан, мээге доо кеткенден болушу мүмкүн. Көбүнчө нерв системасы начар бала кекеч болот. Адатта 25–30 жаштан кийин азаят, улгайган адамда сейрек кезигет. Кекеч бала өзүнүн бул кемчилигинен корунат, чоочун кишилердин көзүнчө сүйлөгөндөн тартынат, кекечтенгенде кызарып, уялып, тердейт. Мындай учурда кекечтенүү ого бетер күчөп, сүйлөө кол, буттун, бел булчуңдарынын эрксиз кыймылдары м-н коштолот. К-ти логопед атайын программада сабак өтүү м-н дарылайт. Эрте ж-а үзгүлтүксүз дарылоодон толук айыгышы же кыйла азайышы мүмкүн.

КЕКИЛИК (Alectoris kakelik) – кыргоолдор тукумундагы илбээсин куш. Дене уз. 35 *см*ге, салмагы 400–700 *г*га чейин жетет. Жону боз, боор жагы саргыч боз, капталдарында туурасынан кеткен кара сызыктары бар. Тумшугу, буттары кызыл. К. бөксө тоо, адырлардын сейрек бадалдуу таштак беттеринде жашайт. Евразия, Кавказ, Борб. Азия, Түн. Казакстан, Алтай ж. б. жерде кездешет. Кырг-нда 2 түрү бар. Көмүскө жерге уялап, 24кө чейин жумуртка тууйт. 23–25 күн басып, балапан чыгарат. Өсүмдүк уругу, жалбырагы, бүчүрү ж-а майда курт-кумурскалар м-н азыктанат. К-тин эти даамдуу, ага аңчылык кылынат.



КЕКИЛИК-УЧАР – Базар-Коргон р-нундагы суу, Кара-Үнкүрдүн сол куймасы. Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы булактардан башталат. Уз. 39 *км* (Шаркыратманы кошкондо). Алабынын аянты 198 *км*², деңиз деңг. орт. бийикт. 1200 *м*. Жогорку агымында Шаркыратма деп аталат. Жапыз тоо ж-а адырларды аралап агат. Суу тартылган мезгилде кээде соолуп да калат. Жылдык орт. чыгымы 0,67 *м*³/*сек*. Негизинен кар, жаан-чачын ж-а булак сууларынан куралат. Сугатка пайдалангандыктан, Тентек-Сайга (Кара-Үнкүргө) жетпейт. Жээгинде Кара-Жыгач кыш. жайгашкан.

КЕКИРЕ (Acroptilon repens) – татаал гүлдүүлөр тукумундагы көп жылдык өсүмдүк уруусу. Сабагы бутактуу. Топ гүлү кызгылт түстө, евразиялык 2 түрү бар. Төшөлмө түрү көп кездешет. Европа, Кавказ, Батыш Сибирь, Азиядан Моңголияга чейин таралган. Талаа, аңызда, жол жээгинде, короо айланасында өсөт. Сабагынын бийикт. 30–60 *см*, гүлү майда. Тамыры өзөк ж-а майда каптал тамырчалардан турат. Тамырынан көбөйөт. Кургакчылыкка чыдамдуу. Мал андан уугат. Айрыкча пахта талаасында көп өсүүчү чөп.

КЕЛА́НГ – Малайзиядагы шаар. Селангор штатында (султанат). Малакка ж. а-нын жээгинде, Инди океанындагы Малакка кысыгына Келанг д. куя бериште жайгашкан. Өлкөнүн борбору Куала-Лумпурдан 30 *км* түш.-батышта. Калкы 1,1 млн (2008). Борб. шаар агломерациясынын курамына кирет. Куала-Лумпурдун деңиздеги аванпорту, өлкөнүн эң ири деңиз порту (2005-ж. 110 млн *т* жүк ташылган). Темир ж-а автомобиль жолдор тоому. Шаар 1643-ж. негизделген. 1874–80-ж. Малаккадагы Британия адмнын борбору. Музей (1984), Королдук сүрөт галереясы (1999), «Крис» монументи (1985), Ража-Махади фортунун калдыктары, Селангор султанынын резиденциясы (ак сарайы) бар. Хим., жеңил, кара металлургия, машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж. ишканалары иштейт.

КЕЛГИНДЕР БАШКАРМАЛЫГЫ – колониялык бийликтин О. Азияга көчүп келген орус дыйкандарына конуш бөлүштүрүү үчүн уюштурулган атайын органы. К. б-н түзүү м-н падышалык бийлик агр. кризис учурунда ички рынокту толтуруу м-н мамл. казынаны байытып, Россиянын борб. губернияларына батпай жаткан дыйкандардын талабын канааттандырууну көздөгөн. 1902-ж. январда түзүлгөн атайын комиссия реформа долбоорун иштеп чыгып, дыйкандардын жамааттан чыгуусун тездетүү үчүн жер берүү, аларды Россиянын чет жакаларына (Сибирь, О. Азия) көчүрүү ж. б. маселелерди караган. Алгач орус, немис, украин ж. б. келгиндерди (кыргыздар «переселин» деп аташкан) жайгаштырууну жерг. админ. бийлик ишке ашырган. *Түркстан* крайында, айрыкча Жети-Суу обл-нда келгиндердин улам көбөйүшүнө байланыштуу (19-к-дын аягында О. Азияга келген орус дыйкандарынын саны 100 миңге жеткен) «Конуш которуу тууралуу убактылуу эрежеге» (1904) ж-а Николай IIнин буйругуна (1905, март) ылайык *Жети-Суу облусунда* 1905-ж. 21-июлда К. б. түзүлүп, башчылыгына О. Шкапскийдин дайындалышы м-н 1905-жылдан О. Азияны колониялаштыруунун жаңы этабы башталган. 1907-ж. кабыл алынган «Кыргыздарды жерге жайгаштыруу» ж-а 1908-ж. «Жети-Сууну колониялаштыруунун тартиби жөнүндө» токтом чыккандан кийин көчмөн элдер жашаган

жерлер мамл. менчик деп жарыяланып, *жаздоо, жайлоо, күздөө, кыштоо* шарты эске алынбай, келгиндерге берилген. 1907–15-ж. Пишпек уездине 4113 (Пржевальскиге 2537, Ошко 971, Нарынга 357) үй-бүлө жайгаштырылган. Колониялаштыруу саясаты Кырг-ндын түндүгүндө өтө ырайымсыздык м-н жүргөн. 1914-жылдын 1-январына карата Пишпек, Пржевальск ж-а Нарын уезддеринде 79 кыштак түптөлүп, анда 80 783 орус, украин, немистер жашаган. Жер айылдык жамаатка берилген, салык жер аянты ж-а мал саны эмес, жан башына карап төлөнгөн. Айласын тапкандар жер фондусунун көп бөлүгүн менчиктештирип алган. Жерге муктаж болгондордун көптүгүнөн падыша өкмөтү жерг. акимчиликтен «ашыкча» жер табууну талап кылган. 1909-ж. экономист-социалист П. П. Румянцев башында турган атайын статистикалык отряд түзүлүп, алардын милдети катталбай калган «ашыкча» жер аянтын табуу болгон. Көчмөн ж-а жарым көчмөн кыргыздар үчүн жер ээлөө ченеми иштелип чыгып, 1 291 305 теше «бош» жаткан жер (айдоо, чабынды, жайыт) келгиндер фондусуна сунушталган. Өкмөттүн көчүрүү (б. а. кыргыздардын жерин тартып алуу) саясаты турмушка ашырыла баштаган. Жер ченөө, бөлүү учурунда чыр-чатак күчөп, К. б-нын жерг. өкүлдөрүнө нааразылык арбыган. Чүй өрөөнүнөн *Шабдан* баатыр, *Дүр* Сооронбаев, М. Мураталин сыяктуу манаптар Түркстан генерал-губернаторунун жерг. тургундардын ар түтүнүнө 40 тешеден жер берилсин деген көрсөтмөсүнө карабай, К. б-нын чиновниктери ар кайсы аянттан 1,5–2 теше айдоо ж-а жараксыз жерден 7 тешеге жетпеген үлүш берип жатышканын айтып арызданышкан. 1905–12-ж. Пишпек уездиндеги кыргыздар 651 773 теше жеринен ажыраган. 1916-ж. Пржевальск уездинде калктын 24% ин түзгөн орус, украиндер уезддин бардык айдоо аянтынын 67,3% ин ээлеп калган. Кыргыздардын жерлеринин күч м-н келгиндерге берилиши 1916-ж-дагы көтөрүлүштүн (к. *Үркүн*) чыгышына себеп болгон. Көтөрүлүш басылгандан кийин генерал-губернатор Куропаткин жетектеген өкмөттүк кеңештин чечими м-н кыргыздар Чүй, Ысык-Көл, Кочкор, Жумгал өрөөндөрүндөгү тоолорго, сугатсыз таштак жерлерге көчүрүлгөн. К. б. Совет бийлиги орногондон кийин жоюлган.

Ад.: *Терентьев М. А.* История завоевания Средней Азии. Т. 3. СПб. 1906; *Сапелкин А. А.* Аграрные отношения в Киргизии в начале XX века (1900–1917 гг.). Ф., 1977; *Джамгирчинов Б. Д.* История Киргизской ССР. Ф., 1983; История Киргизской ССР. Т. 2. Ф., 1986; *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. Т. 2. Б., 1993; *Ахмеджанов Г. А.* Российская империя в Центральной Азии (История и историография колониальной политики царизма в Туркестане). Таш., 1995; *Румянцев П. П.* Уезды Жетысу. А., 2000.

Э. Турганбаев.

КЕЛДЕ, с е л д е – 1) тууралган эттин (нарындын) үстүнө кесилип, коюлган жылкынын чучугу (казысы). К. кошулган нарын келделүү (селделүү) *бешбармак* же келдемиян деп аталат. 2) Ак матадан оронгон [illegible] кызматкерлеринин баш кийими, к. *Селде*.

КЕЛДИБЕК Карбоз уул[illegible]800, Чүй өрөөнү – 1880, Нарын өрөөнү) – [illegible]асчы. К-тин өмүрү чыг-лыгы ж-дө так ма[illegible]ат бизге жетпеген м-н анын таланттуу ж[illegible]чу болгондугун айгинелеген аңыз-уламал[illegible]ар. «Манасты» 17–18 жашынан айта баш[illegible]ан. Ал «Манасты» баштан-аяк толук айткан. Өзүнөн кийинки бардык жомокчуларга анын таасири күчтүү болгон. Жомокту түрдүү кыймыл-аракеттер м-н аткаргандыктан, төрдөн босогого барып калчу экен. К-тин «Манас» айтып калышынын себеби – түшүнө Манас баатырдын кириши. К. «Манас» айтып жатканда, үй солкулдап, бороон жүрүп, чак түштө күүгүм түшүп, Манастын чоролору минген тулпарлардын дүбүртү угулуп турган дешет. Анын табыпчылык касиети да болгон.

КЕЛДИБЕКОВ Ахматбек (15. 6. 1966, Ош обл., Алай р-ну, Сопу-Коргон кыш.) – мамл. ж-а коомдук ишмер, КР Жогорку Кеңешинин төрагасы (2010). КРдин эмг. син. экономисти (2007).



Воронеж (Россия) политех. ин-тун (1990), КМУУну (1999), КМЮАны (2010) бүтүргөн. 1990–92-ж. Кыргыз ССР ИАга караштуу «Импульс» ил.-из. борборунда инженер, улук инженер, 1992–93-ж. машина куруу ин-тунда директордун орун басары, 1993–94-ж. КРдин Экономика ж-а финансы министрлигинде башкы адис, 1995–98-ж. бөлүм башчы, 1998–2001-ж. башкармалыктын башчысы, 2001–02-ж. КР финансы министринин орун басары, 2002–05-ж. КРдин пенсиялык фондунун төрагасы, 2008–09-ж. КРдин Салык жыйноо ж-а чогултуу б-ча к-тинин төрагасы, 2009–10-ж. КР Өкмөтүнө караштуу мамл. салык кызматынын төрагасы, 2010–11-ж. КР Жогорку Кеңешинин төрагасы болуп иштеген. КР Жогорку Кеңешинин депутаты (3- ж-а 5-чакырылыштары). Салык кызматынын 2-рангадагы (2009), Мамл. кызматтын 1-класстагы (2011) мамл. кеңешчиси. КМЮАнын ж-а Бозок ун-тинин (Йозгат ш., Түркия) ардактуу проф. (2011). 2 монографиясы, 30дан ашык макаласы, 8 автордук күбөлүгү бар. «Даңк» медалы ж-а КМШнын «Шериктештик» ордени м-н сыйланган.

КЕ́ЛДЫШ Мстислав Всеволодович (28. 1 (10. 2). 1911, Рига – 24. 6. 1978, Москва) – орус математиги ж-а механиги, СССР ИАнын академиги



(1946; корр. мүчө, 1943), СССР ИАнын Президиумунун мүчөсү (1953), вице-президенти (1960–1961), президенти (1961–75). Москва ун-тин бүтүргөн (1931). Н. Е. Жуковский атн. Борб. аэрогидродинамика ин-тунда (1931–46), Москва ин-тинде (проф. 1937), СССР [illegible]ын В. А. Стеклов атн. Математика ин-тунда (1936-ж[illegible]ан), Реактивдик ИИИде начальник, ил. же[illegible]чи (1946–61), 1953-жылдан СССР ИАнын Ко[illegible]мо математика ин-тунда директор болуп ([illegible]рүнүн акырына чейин) иштеген. К. математика (комплекстүү өзгөрүлмөлүү функция, функциялык анализ теориялары ж. б.), аэрогидродинамика, термелүү теориясы б-ча фундаменталдуу эмгектерди жараткан. Авиациянын, атомдук, эсептөө техникасынын ж-а машиналык математиканын чечилбеген маселелерин изилдөөгө салым кошкон. Адамды космоско учуруу, космос программасын жетектеген. Үч жолку Соц. Эмг. Баатыры (1956, 1961, 1971). СССР мамл. сыйл. (1941, 1946). Лениндик сыйл. (1957) лауреаты. Жети Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар, чет элдик 4 орден м-н сыйланган. Сөөгү Кызыл аянтта Кремль дубалына коюлган.

Ад.: *Келдыш М. В.* Творческий портрет по воспоминаниям современников. М., 2002.

КЕЛЕМИШТЕР, к е л е с т е р (Rattus) – *кемирүүчүлөрдүн* чычкандар тукумундагы уруусу. Дене уз. 8–30 *см*, куйругу денесинен узун же кыска. Тумшугу учтуу, кулагы калдагай, 70тей түрү белгилүү. Алардын 280дей түрү Азия ж-а Африканын тропик токойлорунда, о. эле адам м-н кошо бардык жерге таралган. КМШ өлкөлөрүндө 3 түрү: боз келемиш, кара келемиш ж-а түрк келемиши кездешет. Түрк келемиши Борб. Азияда, Кырг-ндын тоолуу токойлорунда жолугат. 3–4 айлыгында жетилип, ургаачысы жылына 2–4 жолу тукумдап, 1–17 бала тууйт. К. өсүмдүк м-н, кээси эт жечүлөр, көбү ылгабай азыктанат, күүгүмдө, түнкүсүн активдүү. Ийинге, коңулга 20 *кг*га жакын азык ташып, кышка камдайт, айдоого зыян келтирет. К. – жугуштуу оорулардын козгогучтарын алып жүрүүчүлөр.

КЕЛИН, к е л и н а л у у – 1) уулунун же инисинин аялы; жалпы эле өзүнөн кичүү туугандарынын (инилеринин) аялы, келинчеги; 2) турмушка жаңы чыккан келинчек. К. алуу атайын каада, жөрөлгөлөр м-н коштолот. К. келгенде үйдөгүлөр сыртка чыгып, ун, дан, боорсок, таттуулардан чачыла чачышып, К-дин оозуна май салышкан. Үйгө К-ди абышкасы кайтыш болбогон, очор-бачар, нускалуу байбиче баштап кирет. К. босогону аттаганда үйгө жүгүнүп кирет, отко май тамызылат. Бул К-дин баскан жолу жакшы болсун деген тилек, каалоо. Андан кийин кайын энеси (же башка аял) К-ге ак жоолук салат. Күйөөсү жок аял К-ге жоолук салбайт.

КЕЛИШИМ – жарандык укукта эки же андан көп адамдын жарандык укуктарды ж-а милдеттерди (карыз, сатуу, сатып алуу, көтөрүп алуу ж. б.) белгилөө, өзгөртүү же жоюу ж-дө макулдашуусу. К. оозеки, жазуу жүзүндө же нотариалдык формада жарандар, укуктук жактар ж-а мамлекет тарабынан түзүлөт. К-дин кээ бир түрлөрү тиешелүү мамл. органдарда катталууга тийиш (мис., турак үйдү сатуу, сатып алуу К-и ж. б.). К. түзүү тараптардын өз ара мамилелеринин өзгөчөлүктөрүн, жекече мүдөөлөрдү эске алууга мүмкүндүк берет, о. эле анын катышуучуларынын укугуна кепилдик берет. К-дин шартын бир тараптуу өзгөртүүгө жол берилбейт, эгер аны тараптардын бири бузса, келтирилген зыяндын ордун төлөөгө тийиш. К. тышкы соода иштеринде да кеңири пайдаланылып, контракт деп аталат. К-ди түзүү, аткаруу эрежеси мамлекеттин жарандык кодексинде каралган. Зарылдыгына жараша пландуу же плансыз К., түзүлүү тартибине жараша консенстүү (тараптардын макулдашуусу), реалдуу (мүлктү өткөрүп берүү талап кылынат, мис., *ташуу, карыз, сактоо*) ж-а формалдуу (кат жүзүндө же нотариалдык формада) К. түзүлөт. Көпчүлүк К-ге акы төлөнөт, кээ бир К-дер (белекке берүү, пайдаланууга берүү, сактоого коюу) акысыз болот. К. шарттарын аткарбагандык же толук аткарбагандык үчүн күнөөлүү тарап жарандык укуктук жоопко тартылып, мыйзамда же К-де көрсөтүлгөн айыпты төлөйт же зыяндын ордун толтурат.

КЕЛТЕ – Жалал-Абад обл-нун Ала-Бука р-нундагы кыштак. Т. Балтагулов атн. айыл округуна караштуу. Ала-Бука – Кербен автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1100 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ала-Бука кышнан 10 *км* түш.-чыгыш тарапта. Наманган т. ж. бекетинен (Өзбекстан) 61 *км*. Калкы 1401 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, ФАП бар. Май жуаз, тегирмен ж-а соода жайлары иштейт.

КЕЛТЕБЕК АШУУСУ Ат-Башы кырка тоосунда. Кара-Коюн м-н Ак-Сай өрөөндөрүн байланыштырат. Баш-Келтебек суусунун башында. Бийикт. 3969 *м*. Түш. бети ашууга жакын тик, кумайлуу; түн. бети жантайыңкы, бир аз корумдуу. Палеозойдун кумдук ж-а акиташ тектеринен түзүлгөн. Ашуу май–сентябрь айларында ачылат. Ак-Сай ж-а Чатыр-Көл өрөөндөрүнө мал ашырылат.

КЕЛЬТЕМИНАР МАДАНИЯТЫ – Аму-Дарыянын сол жээгинде, Зеравшан ж-а Сыр-Дарыянын төмөнкү бөлүгүндө, Аму-Дарыя ж-а Сыр-Дарыянын ортосундагы неолит дооруна (б. з. ч.

6–3-миң жылдык) таандык археол. мад-т. 1946-ж. археолог С. П. Толстов изилдеген. Каракалпакстандагы Кельтеминар каналынын атынан аталган. Казуу учурунда балыкчылар м-н аңчылардын журту, оттук таш өндүрүүчү шахтанын орду, таш (а. и. бирюза) иштетүүчү устаканалар, таш ж-а сөөк куралдар, чопо идиштер (түбү тоголок, ичке же жалпак, сырты оймочиймеленип, ички бети кызыл же сары боёктор м-н сырдалган) табылган. К. м. үч этапка бөлүнөт. Д а р ы я - С а й этабы (эрте неолит; 6–5-миң жылдыктын ортосу) Төмөнкү Зеравшандагы Лявлякан көлүнүн аймагындагы эстеликтерди (ири ж-а майда пластиналар, геом. микролиттер – үч бурчтуктар ж-а трапециялар же «мүйүздүү трапециялар», кыргычтар ж. б.) камтыйт. Ж а н б а с с этабынан (өнүккөн неолит; 5-миң жылдыктын ортосунан – 4-миң жылдыктын ортосуна чейин) локалдык топтор же өзүнчө мад-ттар (акча-дарыялык топ, төмөнкү узбой мад-ты ж. б.) бөлүнүп чыккан. Бул этапка Акча-Дарыя р-нунан табылган чарчы ж-а сегиз бурчтуу жертөлөлөр, кыргычтар, жаа учтары (кельтеминар тибиндеги) ж. б. таандык. Соңку н е о л и т этабында (4-миң жылдыктын аягы – 3-миң жылдык) Аму-Дарыянын Сары-Камыш дельтасынын аймактарында Тумеккичижик көрүстөнүнөн (өнүккөн энеолит доору) башы түн.-чыгышты каратылып, чалкасынан жаткырылган 27 маркумдун сөөгү, жанынан сөөк шурулар, камандын тишинен жасалган илмектер, оттук таштан жасалган буюмдар табылган. Четтери тегеректелип тосулган. Көмүлгөндөрдүн бир бөлүгү инди-жер ортолук деңиз расасынын жер ортолук деңиздик түш.-чыгыш тибине таандык, башкалары европеоиддин түн. тибине жакынырaак. Негизги чарбасы – балык уулоочулук, аңчылык, жыйноочулук, кийинчерээк мал чарбачылык, дыйканчылык пайда болгон. К. м. жерг. мезолит мад-тынын негизинде түзүлгөн. К. м-нын салттары коло доорунун заманбабин мад-тында сакталган; анын өкүлдөрү Зеравшандын төмөн жагындагы малчылар ж-а дыйкандар (б. з. ч. 3-миң жылдыктын 3-чейреги).



1–11 – кремний куралдар; 12 – сөөктөн жасалган уч; 13 –17 карапа идиштер.

КЕЛТИРИЛБЕС КӨП МҮЧӨ – төмөнкү даражалуу көбөйтүүчүлөргө ажырабаган *көп мүчө*. Көп мүчөнүн көбөйтүүчүлөргө ажырашы ж-а келтирилбес касиети анын коэфф-и кандай сандан турганына байланыштуу. Мис., эгер коэфф. үчүн жалаң рационалдуу гана сандарды алсак, x^3+2 көп мүчөсү келтирилбес болот. Ал эми коэфф. үчүн чыныгы сандарды алсак, анда аны келтирилбес эки көп мүчөнүн көбөйтүндүсүнө ажыратууга болот: $(x+\sqrt[3]{2})(x^2-\ldots+\sqrt[3]{4})$. Даражасы нөлдөн чоң болгон көп мүчө берилген талаада К. к. м-гө бирден-бир гана жол м-н (туруктуу көбөйтүүчүлөргө чейинки фактыкта) ажыратылат. Эгер көп мүчө туюк коэфф-тер талаасынын алг. К. к. м. болсо, анда абс. К. к. м. деп аталат. Мис., бир өзгөрмөлүү 1-даражалуу көп мүчө абс. К. к. м. болот. Чыныгы сандар талаасында 2-даражалуу бир өзгөрмөлүү көп мүчө анын дискриминанты терс болгондо гана К. к. м. болот.

Ад.: *Ван-дер-Варден Б. Л.* Алгебра / Пер. с нем. М., 1976.

КЕЛТИРИЛБЕС ТЕҢДЕМЕ – сол жаккы бөлүгү жөнөкөй көбөйтүүчүлөргө ажырабаган, б. а. келтирилбеген *көп мүчөдөн* турган $f(x)=0$ түрүндөгү алг. теңдеме. Эгер теңдеме *келтирилбес көп мүчө* болбосо, анда ал төмөнкү даражалуу бир нече жөнөкөй алг. теңдемелерге келтирилет: $f(x)=p(x)\cdot g(x)$. Анын чыгарылышы жеңилдейт: $p(x)=0$, $g(x)=0$.

КЕ́ЛЬВИН (К) – Эл аралык *бирдиктер системасындагы* термод. темп-ранын бирдиги. К. суунун үчтүк чекитинин термод. темп-расынын 1/273,16 бөлүгүнө барабар. У. Томсондун (лорд Кельвин) ысмынан аталган. 1968-ж. чейин К. градусу (°К) деп аталган. Шкалаларынын өлчөмү б-ча 1К=1°С.

КЕЛЬТ ТИЛДЕРИ – инди-европа семьясындагы тилдер. Ага галл, келтибер, ирланд, мэн, гаэл (шотланд), валлий (кимр), корн ж-а бретон тилдери кирет. Галл тилдери б. з. 5-к-на жакын, келтибер тили (Пиреней ж. а-нын батыш ж-а борб. бөлүгү) андан мурунураак жоюлган. Корн тилинде сүйлөгөндөр 18-к-дын аягына чейин жашаган. Мэн тилинде Мэн а-нда (Улуу Британия) жашаган бир аз гана адам сүйлөйт. К. т. континент (галл, кельтибер), бритт (валий, корн, бретон) ж-а гойдел (ирланд, гаэл, мэн) бутагы деп үч топко бөлүнөт. Бритт бутагындагы тилдердин бөлүнүшү 6–8-к-га, гойдел бутагы 12–13-к-га таандык. Акценттик факторлордун таасиринде азыркы К. т-де акыркы муундар жоюла баштаган. Ирланд тилинде аз болсо да жөндөмө сакталып калган.

Ад.: *Королёв А. А.* Введение в кельтскую филологию. 2-е изд. М., 2006.

КЕЛЬТТЕР, г а л л д а р – тили ж-а мад-ты жагынан инди-европа тилине жакын байыркы уруулар тобу. Б. з. ч. 1-миң жылдыктын 2-жарымында Алпа тоолорунун түн. ж-а батыш тарабында (Франция, Бельгия, Швейцария, Түш. Германия, Австрия, Чехия, Венгрия, Болгария, Түн. Италия, Түн. ж-а Батыш Испания, Британ а-нын азыркы аймагы) жашаган. Римдиктер К-ди *галлдар* деп аташкандыктан, алар жашаган жерлер *Галлия* деп аталып калган. Б. з. ч. 6–5-к-да К-де уруулук түзүлүш ыдырап, уруу ак сөөктөрү бөлүнүп чыккан. К. гальштат мад-тын (б. з. ч. 900–400) ж-а латен мад-тын (б. з. ч. 1-миң жылдыктын 2-жарымы) түзгөн. К. кийин ибер, иллирия, фракия ж. б. уруулар м-н аралашкан. Б. з. ч. 2-к-да К. Түн. Италиядагы римдиктердин кысымынан улам Чехиянын азыркы аймагына отурукташкан (ал уруулар бойа, алар отурукташкан жер Богемия деп аталган). К. бойа, гельвет, белг, секван, лингон, эду, битуриг, арверн, аллоброг, сенон, тревер, белловак сыяктуу уруулардан турган. К. дыйканчылык ж-а мал чарбачылык м-н кесиптенишкен. К-ди римдиктер караткан соң (б. з. ч. 1-к-дын ортосу) романдаштырылган. Англия, Франция ж-а Бельгия элдеринин калыптанышында К-дин этнос элементтери маанилүү роль ойногон.

КЕ́МБРИЖ, К е й м б р и ж – АКШнын түн.-чыгышындагы шаар. Массачусетс штатында, Бостондун шаар айланасы. Калкы 101,3 миң (2008). Чоң Бостондун курамына кирет. АКШнын ири ил.-из. ж-а окуу борбору. К-да *Гарвард унверситетинин* кампусунун бир топ бөлүгү, Массачусетс технол. ин-тутунун арх-ра комплекси, Иск-во ж-а билим академиясы (1780), Лонги музыка мектеби (1915; консерватория), музейлер бар. Машина куруу, резина, полигр. ө. ж. ишканалары иштейт. Жогорку технологиядагы продукция чыгаруучу компаниялардын штаб-квартиралары жайгашкан. Фотоаппараттар («Polaroid», 2008-жылдан санариптик аппараттарга өткөрүлгөн) чыгарылат. Шаар 1630-ж. негизделген. Куперлердин жыгач үйү (1681–82), Христ чиркөөсү (1759–61), Э. Оливердин үйү (1767), Булфинч аянтында калк китепканасы, башка курулуштар сакталган.

Шаардын жалпы көрүнүшү.



КЕМБРИЙГЕ ЧЕЙИНКИ МЕЗГИЛ – жер кыртышынын геол. өсүп-өнүгүү тарыхындагы эң алгачкы мезгил; кембрий мезгилине чейин пайда болгон байыркы тектердин катмарлары. Азыркы күндөн 570–3500 млн жыл мурдагы геол. өсүп-өнүгүүлөрдү кучагына алып, узактыгы 2,9 млрд жылдан ашат. Эң байыркы тектердин пайда болуу жашы 3,5 млрд жылга жетет. Бул мезгил өз ичинен архей ж-а протерозой замандарынан турат. Алардын чек арасы 2,5–2,7 млрд жыл илгери болуп өткөн ири бүктөлүү циклдери ж-а граниттешүү процесстери м-н аныкталат. К. ч. м-дин Эл аралык стратигр. ж-а геохронол. бирдиктүү шкаласы азырынча кабыл алына элек.

Архей заманында пайда болгон тектер байыркы платформалардын астыңкы бөлүгүн (фундаментин) түзөт. Алар өтө метаморфизмделген тектерден (гнейс, амфиболит, мегматит, кристаллдуу сланец, кээде жеспилит, кварцит, мрамор ж. б.) турат. Андан кийин пайда болгон тектер байыркы платформалардын жабуусу болуп эсептелет. Мында өтө метаморфизмделбеген кристаллдуу сланецтер, кварцтуу кумдук, кварцит, чополуу сланец, филлит ж-а ар кандай жанартоо тектери орун алган. Тектердин арасында орг. калдыктар жокко эсе. Скелеттүү организм жолукпайт. Строматолиттер (көгүш жашыл балырлар), онколиттер (бактериялар), акретархтар, сабелидиттер, байыркы курттар (аннелиттер), медуза сыяктуулар кездешет. Темир, алюминий, марганец, алтын, мрамор, жез, никель, кобальт, коргошун, сейрек учуроочу металлдар ж. б. топтолгон. Тоо тектери бардык материктерде: Чыгыш Европа, Сибирь, Кытай-Корей, Түш. Кытай, Индстан, Түн. Америка, Түш. Америка, Африка, Австралия, Антарктида, Кырг-нда (Түн. ж-а Ортоңку Тенир-Тоодо) жолугат.

Ад.: *Салоп Л. И.* Общая стратиграфическая шкала докембрия. М., 1973; *Семихагов М. А.* Стратиграфия и геохронология протерозоя. М., 1974; *Хаин В. Е., Божко Н. А.* Историческая геотектоника: Докембрий. М., 1988; *Хаин В. Е.* Тектоника континентов и океанов (год 2000), М., 2001; *Жамойда А. П.* Современные проблемы международной (общей) стратиграфической шкалы//Литосфера. 2005. № 1 (22).

КЕ́МБРИЙ МЕЗГИЛИ (СИСТЕМАСЫ) – палеозой заманынын башталышындагы мезгил. 1835-ж. англ. геолог А. Сэжвик өзүнчө мезгилге бөлгөн. Улуу Британиядагы Уэльс аймагынын лат. эски аты (Камбрия) м-н атаган. Мезгил мындан 570 млн жыл мурда, венд комплексинен кийин башталып, ордовик мезгилине чейин созулган (70 млн жыл). Тоо тек катмары астынкы, ортоңку, үстүнкү болуп, 3 бөлүмдөн турат.

Кембрийдин башталышында жер бетинин көп-

чүлүк бөлүгүн дениз суусу каптап, фаунага бай чөкмөлөр (акиташ) калың катмарга айланган. Кызыл түстүү терригендүү акиташтар, туздар орун алган. Мезгилдин орто ченинде ж-а аягында суу тартылып, лагуна чөкмөлөрү пайда болгон. Мурдагы тектон. түзүлүштөр (байыркы платформалар, байкал бүктөлүү циклинен келип чыккан геосинклиналдуу аймактар) мезгилдин ортосунда өзгөрүүгө дуушар болгон. Геосинклиналдуу аймактардан чөкмө тектер, эффузивдер, интрузиялар, платформалардан анчалык чоң эмес диабаздар орун алган. Мезгилдин башталышында скелеттүү организмдер: археоциаттар, гастроподдор, радиолярийлер, былпылдыктар, брахиоподдор, хиолиттер, кийинчерээк трилобиттер, остракодалар, пелециподдор бардык жерге тараган. Мезгилдин аягында трилобиттер, балырлар басымдуулук кылган. Кембрийдеги тоо тектер дүйнө жүзүнүн бардык бөлүгүндө (Урал, Кавказ, Казакстан, О. Азия ж. б.) кенири тараган. Фосфорит (Казакстан, Монголия, Кытай), туз (Сибирь платформасы, Индия), нефть (Иркут обл., Балтика бою), коргошун (Түн. Африка), марганец (Кузнецк Ала-Тоосу), ванадий (Кырг-н, Казакстан) кендери кездешет.

Ад.: Стратиграфия СССР. Т. 3. Кембрийская система/Под ред. Н. Е. Чернышевой. М., 1965; *Розанов А. Ю. и др.* Томмотский ярус и проблемы нижней границы кембрия. М., 1969; *Жамойда А. П.* Современные проблемы международной (общей) стратиграфической шкалы //Литосфера. 2005, № 1 (22).

КЕМЕ – 1) сууда, суу астында сүзө ала турган ж-а жүк, жүргүнчү ташууга, түрдүү жумуштарды (атайын тех., ил., балык уулоо, о. эле аскер иштерин) аткарууга арналган транспорт. 16–17-к-да түз парустуу ж-а үч же төрт мачталуу кайыктарды «К.» деп аташкан. Алгачкы суу транспорту катары болжол м-н 60 миң жыл мурда байыркы австралиялыктар каноэ ж-а плот деп аталган түрүн колдонушкан. 19-к-дын ортосуна чейин негизинен калактуу ж-а парустуу К-лер кеңири колдонулуп келген ж-а алар *пароход* м-н моторлуу (дизелдик) К-лерге алмаштырылган. Сүзүү мүнөзү б-ча өзү жүрүүчү (теплоход, пароход, электроход, атомоход) ж-а өзү жүрбөөчү (чиркелүүчү, парустуу, калактуу), сууга салыштырмалуу абалы б-ча суу үстүндөгү ж-а суу астындагы К., о. эле жарандык ж-а аскердик болуп бөлүнөт. Жарандык К-лер транспорт, кесиптик, атайын кызмат аткаруучу, тех. максатка арналган ж-а спорттук (катер, *яхта*, байдарка ж. б.) болуп айырмаланат. Транспорт К-лери жүргүнчүлөрдү ж-а ар кандай жүктөрдү ташыйт. Кесипчилик К. балык ж-а кит уулоочу болуп бөлүнөт. Атайын кызмат аткаруучу К-лерге муз жаргыч, сүйрөгүч, куткаргыч, өрт өчүргүч, сүзүп жүрүүчү кран кирет. Тех. максаттагы К-лер суу жолун тереңдетүү, курулуш материалдарын (кум, шагыл) даярдоо жумуштарын аткарат. Эң чоң К-лер – танкерлер (уз. 350 *м*ден ашуун, жүк көтөрүмдүүлүгү 500 миң *т*дан оор, 1981); 2) чоң самолёт, дирижабль (аба К-лери), космоско учуучу түрдүү конструкциядагы аппарат (к. *Космос кемеси*).



«FEDERAL ELBE» балкери.

КЕМЕ КУРУУ – оор ө. ж-дын бардык типтеги кемелерди куруучу ж-а оңдоочу тармагы. К. к. алгач байыркы египеттиктерге таандык. Анда кеменин сыртын, б. а. жээгин тактай м-н жыгач тыгын аркылуу кынап бекитишкен. Мындай констр. болжол м-н 6-к-га чейин колдонулуп келген. 10-к-да К. к. алгач тулкусун (каркасын) тургузуу м-н ага тактайды кынап бекитип, сырткы бетин жасоо ыкмасы тараган. Бул ыкма бара-бара чоң кемелерди курууга алып келген. 16-к-да атайын К. к. арх-расы пайда болгон. Темир тулкуга өтүү ж-а буу машинасынын ойлоп табылышы К. к-да олуттуу өзгөрүүлөргө алып келди. Чоң кемелердин пайда болушу м-н К. к-нун констр-сы татаалданып, электр м-н ширетүү анын жумушун өтө тездетти. 19-к-дын аягынан тарта К. к. ө. ж-нда бир катар жаңы техникалар колдонулуп, технол. жаңы ыкмаларды киргизүү м-н негизги иштер механикалаштырылган ж-а автоматташтырылган.

Жүк ташуучу «Андерсон Тайд» кемеси.



Кеме куруучу завод. Түштүк Корея.



КЕМЕНТАЙ, [illegible]ибенек, кебенек – кийизден жа[illegible]ган сырт кийим. К. кийиздин ар түрдүү түс[illegible] орто калындыкта [illegible]ырылып, этеги, жеңи [illegible] жакасы м-н жасала[illegible]-ды жылкычылар, м[illegible]ылар кийишкен.



КЕМЕР – су[illegible]жеп кеткен жээк, жарча, ангек. К. жаңы тектон. кыймылдардан, абразия *(клиф)* процесстеринен, эрозиядан (дарыя тектирлери) пайда болот. К. түрк ж-а иран тилдеринде тоо капталы, жантайма, урчук, жээк, жар, дөбө, тоо маанисин билдирет. Казакстанда оён жерлерди жарым-жартылай курчап турган айрым дөңсөөлөр К. делет. Азербайжан, фарсы тилинде сүйлөгөндөрдө – кемер («тоо», «дөбө», «тоо кыры» маанисинде), тажик, өзбектерде «камар» деп аталат. К. (камар) топоними Тажикстанда (Камар, Камар-Булак, Ой-Камар, Кара-Камар ж. б.), Өзбекстанда, Азербайжанда, Түркияда, Иранда ж. б. кеңири таралган.

КЕМЕР – сырт кийимдин тышынан белге курчалуучу кур. Ал жогорку сапаттагы кайыштан жазылыгы алакандай жасалат. К. кыргыздардын салттуу турмушунда адамдын бир куракта экинчи куракка өткөнүн билгизет. Аны жигит курагына киргенден баштап курчанышат. К. – жигиттик намыстын, жоопкерчиликтин, тайманбастыктын белгиси. Жасалышына карай жөнөкөй К., күмүш К. деп бөлүнгөн. Тогоосу темирден жазы жасалып, кайыштын сырткы бетине көркөмдөлүп, күмүш чаптырылат.



Күмүш кемерлер.

КЕ́МЕРОВО (1925–32-ж. Щегловск) – Россиядагы шаар. Кемеров обл-нун адм. борбору. Кузнецк Ала-Тоосунун этегинде, Томь д-на Искитим д. куя бериште жайгашкан. Калкы 520,0 миң (2008). Жол тоому. Т. ж. түйүнү. Эл аралык аэропорту бар. Шаар 1918-ж. Щеглов (1720-ж. негизделген) м-н Кемеров (1863) кышнын кошулушунан пайда болгон. Учурда Кузнецк бассейниндеги маанилүү ө. ж. борбору. К-нун аймагында таш көмүр казылып алынат. Ө. ж-нын негизги маанилүү тармактары: хим. («Химпром», «Азот» ж. б.), машина куруу (з-дору: хим. машина куруу, электр-тех., электр-кыймылдаткыч, «Кузбассэлектромотор», «Кемерово-химмаш» ж. б.), жеңил, тамак-аш, мебель ж-а курулуш материалдар («Кузбасскровля»), текстиль (жибек, тех. ж-а тиричиликке керектүү материалдар, «Ортон» ишканасы), «Сибирь мөмөлөрү» фирмасы (тоңдурулган козу карын, жашылча-жемиш). Ун-ттер (а. и. Кузбасс тех. ж. б.), мед. академия, 3 театр, филармония, цирк, музейлер (а. и. край таануу, көркөм сүрөт) бар. «Красная Горка» музей-коругу уюштурулган.

КЕМИН (мурда Бөрүбай, Коёнду, Быстровка аталган; 1992-жылдан Кемин) – Чүй обл-нун Кемин р-нундагы шаарча, райондун ж-а Кемин шаарча кеңешинин борбору. Чүй д-нын сол өйүзүндө, Чалдыбар – Бишкек – Балыкчы автомобиль ж-а т. ж-нун боюнда, дениз деңг. 1120 *м* бийикте жайгашкан. Облустун борбору Токмок ш-нан 35 *км* чыгыш тарапта. Кыштак катары 1912-ж. пайда болгон. 1954-жылдан шаарча. Калкы 8,2 миң (2009). Т. ж. бекети. Шаарчада «КЭТЗ», «Линолеум», «Кемин-Нан» АКлары, «Нефть ж-а газ» биргелешкен ишканасы, о. эле а. ч. азыктарын белендөөчү, эл керектөөчү буюмдарды чыгаруучу чакан ө. ж. ишканалары иштейт. Кесиптик-тех. окуу жайы, 3 орто ж-а муз. мектеп, бала бакча, бейтапкана, оорукана, 6 дарыкана, 3 мончо, 2 китепкана, 2 мад-т үйү, кинотеатр, мейманкана ж. б. бар. О. эле үй-бүлөлүк врачтар тобу, санит.-эпидемиол. станция, соода түйүндөрү, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, кафе, ресторан, базар иштейт. Улуу Ата Мекендик согуш-



Шаарчанын борбордук бөлүгү.

та курман болгондорго ж-а *Шабдан баатырга* эстелик тургузулган.

КЕМИН ВИСМУТ КЕНИ Чүй обл-нун Кемин р-нунда, Кемин шаарчасынан 17 *км* түн.-чыгышта, Таза-Кемин тоосунун батышында, деңиз деңг. 1390–1690 *м* бийикте. 1965-ж. табылган, 1967–75-ж. изилденип, бааланган. Кен аймагы жогорку ордовиктеги штоктор м-н дайкалар жиреген алгачкы протерозойдун гнейс-граниттеринен түзүлгөн. Висмут минералдашуусу гнейс-граниттин гидротермден өзгөргөн (агартылган) зонасы м-н байланышып, үч зонага бөлүнөт. Зоналардын уз. 400–850 *м*, туурасы 30–150 *м*. Бул зоналар бургулоо көзөнөгү м-н 290 *м* терендикке чейин изилденген. Зоналардын ичинде линза сымал кенташ тулкулары бар. Тулкулардын уз. 15–53 *м*, калыңдыгы 1–10 *м*, жантаюсу б-ча уз. 24–35 *м*. Негизги минералдары: кварц, висмутин, бисмит, пирит, галенит, халькопирит. Висмуттун өлчөмү 0,03–0,147%. Висмуттан башка алтын – 5,0 *г/т*, коргошун – 3,24%, күмүш – 300 *г/т*, жез – 1,13%, цинк – 0,1% кездешет. Кенташтын запасы: C_1 категориясы б-ча 52,3 миң *т*, C_2 – 2417,3 миң *т*, болжолдуу ресурсу – 3533,8 миң *т*. Висмуттун запасы: C_1 – 77 *т*, C_2 – 1402 *т*, болжолдуу ресурсу 1837,2 *т*.

КЕМИНЕ́ (жашыруун аты; өз аты М а м е д в е л и, болжолу 1770–1840-ж. чен) – түркмөн акыны, сатирик. Адегенде айылдык молдодон, кийин Бухарадан окуган. К-нин ырларынын ж-а анекдотторунун кыркка жакыны гана оозеки сакталып калган. Ал «Кедей», «Жакырдык» ж. б. чыгармаларында элдин оор турмушун сүрөттөсө, «Казыма» деген сатиралык чыгармасында эл эмгегин соргон акимдерди, дин алдамчыларын ашкерелеп, элди эркиндикке, биримдикке ж-а достукка үндөгөн.

КЕМИН КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ Чүй обл-нун Кемин р-нунда, Кемин шаарчасынан 12 *км* чыгышта, Чүй д-нын боюнда, деңиз деңг. 1130–1350 *м* бийикте. 1971-ж. Түн. Кыргыз геол. экспедициясы чалгындаган. Кен айм[illegible]ын антропогендеги аллювий чөгүндүсү түзөт. [illegible]далуу кум-шагыл катмары Чүй д-нын кашаа[illegible]ы тектиринде жатат. Кен бири-биринен 1 *км* [illegible]алыктагы үч участкадан турат. Биринчи участ[illegible]ынын уз. 660 *м*, жазылыгы 100 *м*; экинчисинин уз. 620 *м*, жазылыгы 200 *м*; үчүнчүсүнүн уз. 520 *м*, жазылыгы 100 *м*. Катмардын калыңдыгы 5,6 *м*ден 14,55 *м*ге чейин. Шагылдын 20 *мм*ден кесеги 67,56%, майдалап, бетонго пайдаланса болот. Кумда чаң 7,5%ке чейин, аны жуун, чаңдан арылткандан кийин гана бетонго пайдалануура сунуш кылынат. Запасы: A+B категориясы б-ча 2732 миң $м^3$, A – 813 миң $м^3$, B – 1919 миң $м^3$.

КЕМИН РАЙОНУ – Чүй обл-ндагы адм. бирдик. 1936-ж. уюшулган. Чоң Кемин, Кичи Кемин өрөөндөрүн, Чүй өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүн эөлейт. Түндүгүнөн Казакстан, батышынан Чүй р-ну, түштүгүнөн Нарын, түш.-чыгышынан Ысык-Көл обл. м-н чектешет. Аймагы батыштан чыгышка 170 *км*ге, түндүктөн түштүккө 13 *км*ге созулуп жатат. Аянты 3,5 миң $км^2$. Калкы 44,2 миң (2009). Райондо 4 шаарча (Ак-Түз, Борду, Кемин, Орловка), 10 айыл округу, 33 кыштак бар. Борбору – Кемин (Быстровка) шаарчасы.

Райондун батышы түзөң (деңиз деңг. 1000–1600 *м* бийикте), чыгышы тоолуу. Түш.-батышында Октөркөй тоосу, Байбичечин соорусу, Көк-Жар тоосу жайгашкан. Түн.-чыгышында Кичи ж-а Чоң Кемин өрөөндөрү, Кемин тоосу (бийикт. 3900 *м* чейин), Күнгөй Ала-Тоо (4770 *м*, Чоктал чокусу), Боом капчыгайы, түндүгүндө Иле Ала-Тоосу (Кемин чегиндеги эң бийик жери 4612 *м*, Ак-Кум чокусу) бар. Райондун чыгышы Кемин-Челек [illegible] тоомуна барып такалат. Кен байлыктары се[illegible]ек кездешүүчү металлдар: коргошун, цинк ([illegible] Түз), алтын (Камоо-Тор, Талды-Булак, Дал[illegible]н), висмут (Кара-Булак), акиташ теги, мра[illegible], гранит ж. б. Климаты континенттик, кы[illegible] суугураак, жайы салкын. Январдын орт. те[illegible]расы –5...–10°С, июлдуку 17–18°С. Жылдык[illegible]аан-чачыны 300 *мм*ден (өрөөндөрдө) 600–700 *мм*ге (тоолордо) чейин. Тоолуу бөлүгүндө бийиктеген сайын климаты өзгөрөт. Ири суулары: Чүй, Чоң Кемин, Кичи Кемин, Бейшеке, Кызыл-Суу ж. б. Райондун түндүгүнөн *Чоң Чүй каналы* башталат. Ири көлдөрү: Чоң Көл-Төр (уз. 600–700 *м*, туурасы 400–500 *м*), Жаңы-Көл, Кош-Көл, Челек ж. б. Ландшафты бийиктик алкактуулук б-ча өзгөрөт: жарым чөлдүү кургак талаа (1200–1900 *м*), шалбаалуу талаа (1900–2100 *м*), токой, субальп (2600–3200 *м*), альп (3100–3900 *м*), гляциалдык-нивалдык (3800 *м*ден жогору) алкактары. Дыйканчылык зоналары негизинен ачык күрөң, күрөң, кара күрөң топуракту. Токой 37,2 миң *га* аянты ээлейт. Райондо Чоң Кемин улуттук жаратылыш паркы уюшулган.

Калкынын көбү кыргыздар, андан тышкары орус, украин, казак, өзбек, дунган ж. б. 20дан ашуун улут өкүлдөрү жашайт. Орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 15 (облуста 38) киши туура келет. Калкынын 40,3%и (21,1 миң) шаардыктар, 59,7%ин (31,2 миң) элеттиктер түзөт. Эмгекке жарамдуу (35,2% же 18,7 миң адам) калктын 11,9 миңи а. ч-да, 6,6 миңи о. ж-да иштейт.

Райондун чарбасынын негизги тармагы – айыл чарбасы. Негизинен мал чарбасына (уяң ж-а чала уяң жүндүү кой, сүт-эт багытындагы уй ж. б.) адистешкен. Жылкы чарбасы – мал чарбасынын кошумча тармагы. Райондо 10 ирилештирилген а. ч. кооперациясы, 34 бирикме дыйкан чарбалары, 1800 майда жеке дыйкан чарбалары бар. Райондо 12,1 миң уй (сааны 6,9 миң), 34,4 миң кой-эчки, 1,9 миң чочко, 6,3 миң жылкы бар. Райондун а. ч-га жарактуу жери 205 миң *га*, анын 28,1 миң *га*сы айдоо жер, 6,2 миң *га*сы табигый чабынды, 173,6 миң *га* жайыт ж. б. Дан эгиндери (12 миң *га*), тоют өсүмдүктөрү (12,7 миң *га*), картошко (900 *га*) ж. б. эгилет. Кемин р-нунда 9 о. ж. ишканасы бар. Алардын ирилери: Кыргыз-Тоо металлургия комбинаты, Кемин линолеум, акиташ з-ддору ж. б. Райондун аймагы аркылуу Чалдыбар – Бишкек – Балыкчы темир ж-а автомобиль жолдору отүп, Кемин – Жел-Арык, Кыз-Күйөө т. ж. бекеттери иштейт.

Райондо 30 жалпы билим берүүчү орто мектеп, 33 бала бакча, 2 кесиптик-тех. окуу жайы, райондук борборлоштурулган китепкана, анын 30 филиалы, 22 клуб мекемелери, 6 оорукана ж-а 7 бейтапкана бар. Райондун айылдарында 6 базар (анын бирөө мал базар) иштейт. «Эмгек жарчысы» гезити чыгат. Райондун аймагындагы *Чоң Кемин өрөөнү*, андагы *Кок-Ойрок* жайлоосу, *Боом* ж. б. капчыгайлары коош; туризм, о. эле альпинизмди өнүктүрүүгө зор мүмкүнчүлүктөр бар. *А. Мырзаев.*

КЕМИН ТООСУ, Т а з а К е м и н – Иле Ала-Тоосунун түш. тармагы, Түн. Тенир-Тоодо. Кемин р-нунун аймагында. Кичи Кемин, Тегирменти-Суу (Чоң Кеминдин оң куймасы) суулары-нын аралыгында түн.-чыгыштан түш.-батышты карай Чүй д-на чейин 36 *км*ге созулуп, чыгыштан батышты карай жапыздайт. Чүй д-нын сол жээгиндеги орогр. уландысы – Терек-Жон ж-а Октөркөй тоолору. Эң жазы жери 10 *км*, орт. бийикт. 3100 *м*, эң бийик жери 3884 *м*. Негизинен протерозойдун башталышында пайда болгон гранит, гнейс-гранит, гранит пегматити ж-а калыңдыгы 4606 *м*ге чейин жеткен гнейс, мигматит, сланец, кварцит, мрамор тектеринен түзүлгөн. Чыгышы бийик тоолуу, батышы орто бийиктеги тайпак тоо. Чыгышына альп рельефи мүнөздүү: тоо кырлары бийик, аска-зоокалуу, байыркы муздуктун издери кездешет. Тегирменти суусунун башында майда моңгулор бар. Тоонун батыш бөлүгү – горст; түн. ж-а түш. капталдары тектон. жаракалар м-н чектелген. Кыры – тайпак денудациялык түздүк. Негизги ашуулары: Кашка-Жол, Жол-Булак, Үч-Булак. Ландшафтында талаа ж-а шалбаалуу талаа (1600–1800 *м*), бадалдуу шалбаа (2500–2600 *м*), субальп ж-а альп шалбаасы (3100–3200 *м*), андан жогору нивалдык-гляциалдык алкактар мүнөздүү. Түн. капталынын чыгыш бөлүгүндө ж-а түш. капталында (Тегирменти сайында) карагай токою бар. Жайыт ж-а чоп чабынды катары пайдаланылат.

КЕМИН-ЧЕЛЕК ТОО ТООМУ Иле Ала-Тоосу м-н Күнгөй Ала-Тоонун асташкан жеринде. Кырг-н м-н Казакстандын чегинде. Дээрлик кеңдик багытында созулуп жаткан кырка тоолорду Талгар тоо массивинин батышынан түш.-чы-



Кемин шаарчасы.



гышты көздөй кеткен кыска (13 *км*ге жакын) ж-а бийик (Конституция чокусу, 4580 *м*) тоо туташтырып турат. К.-Ч. т. т. – Түн. Теңир-Тоонун эң бийик (Талгар чокусу, 4973 *м*) жери ж-а ири мөңгүлүү аймагы. Негизинен протерозой м-н палеозойдун кристаллдык тектеринен түзүлгөн. Неоген-антропогенде өтө күчтүү тектон. көтөрүлүүнүн натыйжасында калыптанган. Көтөрүлүү процесси азыр да уланууда. Бийик тоолуу альп рельефи мүнөздүү. Түрдүү формадагы бийик тоо чокуларынан, капталдары тик кырлардан, байыркы мөңгүлөрдүн аракетинен пайда болгон тепши сымал өрөөндөрдөн, туюк төрлөрдөн ж. б. турат. Капталдарында үбөлөнүү ж-а гравитациялык процесстер өтө катуу болгон. Эң ири муз каптоо мезгилинде Чоң Кемин ж-а Челек өрөөндөрүнүн башында зор мөңгүлөр (уз. 30 *км*ге жеткен) жаткан. Азыркы ири мөңгүлөрү: Корженевский (уз. 12 *км*), Богатырь (8 *км*), Жаңырык (7,8 *км*, Челек тарабында), Ак-Суу (6 *км*), Талгар (3,5 *км*, Чоң Кемин тарабында). Субальп, альп шалбаасы ж-а гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Жайкы жайыт.

КЕМИРҮҮЧҮЛӨР (Rodentia) – сүт эмүүчү жаныбарлар түркүмү. Дене уз. 5–130 *см*ге, салмагы 5 *кг*дан 60 *кг*га жетет. Алдыңкы буттары 5 же 4 манжалуу, арткысы 3–4–5 манжалуу. Ортоңку 2 жуп кашка тиши курч, чоң, дайыма өсүп турат. Катуу өсүмдүктү майдалайт. Кылгын жер үстүндө (жарганаттар, келестер ж. б.), жер астында (буроо баш, сокур момолойлор ж. б.), сууда (куну, ондатра ж. б.), даракта (тыйын чычкан, барак куйруу чычкан ж. б.) ж-а жерде өткөрөт. Алардын [illegible]ан казуусу кыртыш пайда кылууга чоң таасир [illegible]гизип, өсүмдүктүн түшүмүн жогорулатат. А[illegible]ыкы жашаган К. 3 түркүмчөгө: тыйын чычкан сымалдар (куну, келестер ж. б.), чүткөр сымалдар (дарак чүткөрү, донуз чычкан, суу донузу ж. б.) ж-а чычкан сымалдар (барак куйруу чычкан, кош аяк, аламандар ж. б.) болгон. Көп түрү талаа ж-а токойлуу талаада жашайт. Көпчүлүгү өсүмдүк, курт-кумурска, айрымдары балык м-н, кээ бири ылгабай азыктанат. Жер жүзүндө 2000дей түрү бар. КМШ өлкөлөрүндө 14–15 тукуму, 150гө жакын түрү, Кырг-нда 31 түрү кездешет. Көпчүлүк К. адам үчүн коркунучтуу оорулардын козгогучун алып жүрүшөт. Кээ биринин териси өтө баалуу (куну, тыйын чычкан, ондатра ж. б.).

КЕМИРЧЕК ТИКЕН (Circiuv, Sievers) – татаал гүлдүүлөр тукумундагы өсүмдүк. Көп жылдык чөп, чачы тамырлуу, сабагы ж-а тамыр сабагы кыска, кээде бийикт. 30–40 *см*. Тамыр моюнчасындагы жалбыректары жерге төшөлүп өсөт, уз. 5–20 *см*, туурасы 1–7 *см*, четтери канаттай оюктуу, тикенчелүү. Гүлү ак, кээде кочкул кызыл. Себетинин ороок жалбыракчасынын учу тикендүү, четтери кирпикчелүү. Уругу жылмакай,



Кемирүүчүлөр: 1 – ондатра; 2 – кум чычкан; 3 – талаа чычканы; 4 – кадимки тыйын чычкан; 5 – кадимки аламан; 6 – чүткөр; 7 – келемиш; 8 – кор чычкан; 9 – талаа сууру.

кыйма тиштери жок. К. бардык табигый аймактарда таралган. КМШ өлкөлөрүнүн фаунасындагы сүт эмүүчүлөрдүн жарымынан көбүн түзүп, ар түрдүү ж-а көп санда мелүүн ж-а субтропик алкактардын, айрыкча кургакчыл аймактардын ачык жерлеринде таралган. Аяктарынын түзүлүшү ийин казууга, сүзүүгө, кош буттап жүрүүгө (кош аяктар), жармашууга ж-а учууга (учкуч тыйын чычкан) ыңгайланган, К. – тукумчул жаныбарлар. Тиричилиги бозомтук же күрөң. Түн. Моңголия, Кытай, Сибирь, Борб. Азияда кездешет. Кырг-ндын бардык аймактарында өрөөндөн тоонун альп алкагына чейин кеңири таралган. Кол, өзөн боюндагы шалбаа, саздак жерде өсөт. Тамыр сабагы желет. Жаш жалбырагын мал оттойт.

КЕМИРЧЕКТҮҮ БАЛЫКТАР (Chondrichthyes) – омурткалуу жаныбарлар классы. Скелети кемирчектүү. Дене уз. 6 *см*ден 20 *м*ге чейин жетет, түрпү м-н капталган. 4–7 бакалоор жылчыгы

бар, сүзгүч ыйлаакчасы жок. Заара-жыныс ж-а арткы тешиги курсак сүзгүчтүн түбүндө жайгашкан. Урук чачып көбөйөт, кээси тирүү тууйт. 2 классчага (эбелек бакалоордуулар ж-а туяк баштуу балыктар) бөлүнөт. Азыр 140тай уруусу ж-а 630дай түрү денизде, бир нече түрү тузсуз сууда жашайт.

КЕМИТҮҮ – *[illegible]ууга* карама-каршы амал. К-нүн негизи[illegible]бир тектүү эки чоңдук б-ча ошол тектеги үчүнчү чоңдук аныкталат. К. – белгиси м-н белгиленүүчү чыныгы сандардын көптүгүндө К. $a - b = d$, мында a, b – чыныгы сандар, a – кемүүчү, b – кемитүүчү, d – айырма. Эгер $a > b$ болсо, d – он сан, $a < b$ болсо, d – терс сан болот. Комплекстүү сандардын көптүгүндө $(a+bi) - (c+di) = (a-c)+(b-d)i$. К. векторлорго, тензорлорго да колдонулат, к. *Вектордук эсептөө, Тензордук эсептөө.*

КЕМИЧКЕТ, К е м и ж к е т كيمجكت – о. кылымдарда кыргыз каганы турган шаар. «*Худуд ал-Алам*» б-ча кыргыздардын чыгыш жагында фури (кури) деген эл жашап, К. алардын чек арасына жакын жерде жайгашкан. Мындан тышкары бул маалыматта кыргыз урууларынын К-тен башка шаары болбогонун ж-а кыргыздар *тогузгуздардын* батышы м-н түндүгүнөн оруп алса, тогузгуздар Чиндин (Кытай) батышы, Тибеттин түндүгүндө турушканы эскерилген. Ошондуктан К-тин аталышы ж-а анын жайгашкан жери б-ча азырынча бирдей көз караш жок. *Идрисинин* картасында (13-к.) кезигет. В. В. *Бартольд* аны Микиджкет деп чечмелеп (Шотт б-ча Мидичжит), «Таншудагы» (к. *Кытай тарых даректери*) Мидичжы ш-на (к. *Кыргыздар*) салыштыруу м-н Хакас-Минуса ойдунунда жайгашкан деп эсептеген.

Ад.: *Бичурин Н. Я. (Иакинф).* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена (в 4-х томах). В., 1998.

КЕМПИР МУШТУМ, б о л т ү р ү к (Anabasis) – өсүмдүктөрдүн шакардуулар тукумунун уруусу. Чала бадалча же көп жылдык чөп. Жалбыраңы кыска, калың же майда түрпүчөдөй, тушташ жайгашат. Гүлү эки жыныстуу, 5 мүчөлүү, жалгыздан же 2–6дан топтошуп, жалбырак колтугунан орун алат. Мөмөсү – жемиштей. Анын 30дан ашык түрү Испания м-н Түн. Африкадан Борб. Азияга чейин таралган. КМШ өлкөлөрүндө 30га жакын, Кырг-нда 8 түрү өсөт. О. Азиянын чөл ж-а адырларында, тоонун капсоо беттеринде кездешет. Айрымдарынын тоют ж-а дарылык мааниси бар.

КЕМПИР ООЗ, а т т и ш, а т к ы ч к а ч, к а м б а р к ы ч к а ч – кош жаагы бири бирине кайчылаша бириктирилген темир аспап, к. *Аттиш*.

КЕМСЕЛ – аялдардын ж-а эркектердин жука сырт кийими. Ал таардан, кездемеден, баркыттан жасалат. Тизеге жетип тургандай бычылып, жени узун же чолок келет. Ичи жука кездеме м-н астарланат. Учурда жалаңкат же ичтелген, оңүрү, этек-жеңдери саймаланып кооздолгон К-дин түрлөрү кеңири тараган.



КЕМҮҮЧҮ УДААЛАШТЫК – бардык n=1, 2, ... үчүн $x_n > x_{n+1}$ барабарсыздыгы аткарылган x_n сан удаалаштыгы. Кээде мындай удаалаштык өтө кемүүчү деп аталат. Томонтон чектелген каалагандай кемибоочу удаалаштыктар чектүү пределге, ал эми томонтон чектелбегендер чексиз пределге ээ.

КЕН – минералдык заттардын жер бетиндеги же анын түпкүрүндөгү көлөмү, сапаты, жайгашуу шарты б-ча ө. ж-лык мааниге ээ болгон табигый чогундусу. Курамындагы минералдык заттар газ (гелий, неон, аргон, криптон ж. б.), суюк (жер астындагы суу, нефть ж. б.), катуу (минералдар м-н тоо тектери ж. б.) абалында кездешет. Казып алына турган заттар ө. ж-лык мааниге ээ болсо, ө. ж-лык кен деп аталат. Ө. ж-лык мааниси жок, анчалык чоң эмес, аз сандагы түрлөрү кенташ пайда болгон жер же кенташ нокоту делет. Ө. ж-лык мааниге ээ болгон кендер запасы б-ча ири, орт., кичине түрлөрго болүнөт. Жаратылышта пайда болуу шартына жараша экзоген, эндоген, метаморфоген кендеринен турат. Э к з о г е н к е н д е р и (седиментогендүү же үстүнкү) жер үстүндө же жер кыртышынын үстүнкү бетинде минерал заттардын мех., хим., биохим. жол м-н талкаланышынан келип чыккан. Үч түргө болүнөт: 1) талкаланды кендер (к. *Талкаланды кыртыш кендери);* 2) чачыранды кендер (к. *Кен чачындысы*); 3) чөкмө кендер (к. *Чөкмө түрүндөгү кендер*). Э н д о г е н к е н д е р (магматогендүү же терендиктеги) магмадан ж-а магма көтөрүлүп келатканда жолунда жолуккан тектердин өзгөрүшүнөн пайда болот. Өзгөрүүдө терендиктеги өтө жогорку темп-ра м-н күчтүү басым таасирин тийгизет. Интрузивдүү тектер м-н тыгыз байланышат. Өз ичинен 5 топко болүнөт: а) *магма кендери*, б) *пегматит кендери*, в) *карбонатит кендери*, г) *скарн кендери*, д) *гидротермдик кендер*. М е т а м о р ф о г е н к е н д е р и тоо тектеринин күчтүү өзгөрүлгөн (метаморфизм процессинен) келип чыгат. Пайда болуу мезгили б-ча архей, протерозой, палеозой, мезозой, кайнозой заманындагы кендерге, орун алган жерине жараша геосинклиналдуу бүктөлүү ж-а платформалуу аймактардагы кендерге болүнөт. Кен пайда болуу 4 деңгээлден турат: 1) үстүнкү деңгээл (1–1,5 *км* терендикке че-

йин); 2) гипабиссалдык деңгээл (1–5 *км*), 3) абиссалдык деңгээл (3–5 *км*ден 10–15 *км* чейин); 4) ультрабиссалдык деңгээл (10–15 *км*ден терең). К. хим. элементтердин санына, геогр. шартка, кенташтагы өтө керектүү заттарды ылгап бөлүү ыңгайына жараша казылып алынат. Өндүрүп алынуучу ар бир металл үчүн ө. ж-лык мерчем колдонулат. Мында кенташта металлдын өтө аз саны, начар сапаты, казып алуу мүмкүнчүлүгү эске алынат. Темирдин мерчеми 16%, алтындыкы 0,2 *г/т*га барабар. К-дин ө. ж-лык мааниси анын запасына жараша бааланат. Запасы мол болсо, кенташтагы металлдын санына карабай эле казып ала берет. О. эле казылып алына турган металлдын эл чарбасындагы мааниси, сейрек кездешүүсү эске алынат. Кырг-ндын аймагында К-дин бардык түрү кездешет. Алардын эң ирилерине Кадамжай, Айдаркен (гидротермдик) сурьма-сымап, Кызыл-Кыя, Көк-Жаңгак, Кара-Кече көмүр кендери, Жетим темир бассейни, Кум-Төр алтын кени ж. б. мисал болот.

Ад.: *Шнейдеркен Г.* Рудные месторождения /Пер. с нем., М., 1958; *Смирнов В. И.* Геология полезных ископаемых. 2-е изд., М., 1960; *Вахромеев С. А.* Месторождение полезных ископаемых. М., 1961; *Ермолов В. А.* Месторождения полезных ископаемых. М., 2001.

КЕН АЧУУ – жердин тереңдигиндеги кенге жетүү үчүн жүргүзүлүүчү иштер. Мында үңүлмө м-н транспорттун байланышын, жумушчулардын катнашын чыңдоо ж-а жумушчу орундарды таза аба м-н жетиштүү санда камсыз кылуу үчүн ыңгайлуу шарт түзүлөт. Капиталдык ж-а жардамчы казмалар ишке киргизилет. Жер бетинен башталган шахта стволу, штольня – негизги, алардан кенди көздөй казылганы (квершлаг, гезенк, бромсберг, жантайма) жардамчы казма болуп саналат. Даярдык көрүүчү штректер кендин баалуулугуна, жардамчы казмаларга, транспорттук горизонттун санына, жер бетинин рельефине, кенташтын өлчөмүнө, тереңдигине, кен кабаттарынын саны м-н аралыктарына байланыштуу болот. Ыкманы тандоодо геол. түзүлүштөр, тоо-кен тех. факторлор эске алынат. Капиталдык чыгымдарды азайтуу шахта курууну тездетүү, кенди толук казып алуу ж. б. тоо-кен иштерин долбоорлоодо каралат.

Ад.: *Килячков А. П.* Вскрытие и система разработки угольных месторождений. М., 1968.

КЕН БАЙЛЫКТАР – жер кыртышындагы эл чарбасына керектүү минералдык заттар. Табигый түрдө (көмүр, кварц куму ж. б.) же кайрадан иштетилгенден кийин (талкалап, жанчып, майдалап тазартуу ж-а ылгап бөлүп алуу) пайдаланылат. Физ. касиеттери б-ча катуу, суюк ж-а газ түрүндө жолугат. Курамы м-н эл чарбасында колдонулушуна карап 3 топко бөлүнөт: 1) к ү й ү ү ч ү К. б. (каустобиолиттер) – нефть, күйүүчү газдар, көмүр, чым көң, күйүүчү сланецтер; 2) м е т а л л к е н д е р и – нукура металлдар (алтын, күмүш ж. б.), кара ж-а түстүү металлдар, сейрек кездешүүчү, радиоактивдүү металлдар ж-а алардын кенташтары; 3) м е т а л л э м е с К. б. – хим. (туз, гипс, күкүрт, апатит, фосфорит ж. б.) [illegible]а от м-н кислотага чыдамдуу заттар. Бирок м[illegible]дай бөлүү шарттуу. Анткени булардын бир эл[illegible]үрү эл чарбасынын ар кандай тармактарынд[illegible]энири колдонулуп калышы мүмкүн. Мис., [illegible]ть м-н күйүүчү газ хим. ө. ж-дын негизги сы[illegible]у болуп эсептелет. Бокситтен алюминий өн[illegible]лот, жасалма корунд алынат, жогорку са[illegible]туу цемент жасалат. К. б. Жердин ж-а жер кыртышынын өсүп-өнүгүү тарыхында, бардык мезгилде, ар түрдүү геол. процесстерин натыйжасында келип чыккан. Жаратылыштагы чогундусунан, топтолушунан к е н (к. *Кен*) пайда болгон. К. б-дын сапаттуулугу кондицияга көз каранды. Пайда болуу шарттары, орун алышы, магматизм, тектоника, стратиграфия, литология, геоморфология м-н байланышы кен издеп, чалгындоодо эң негизги маселелерден болуп эсептелет. Минералдардын физ.-хим. касиеттерин изилдеп, алардын ө. ж-да колдонулушун билебиз. Жаңы минералдарды ж-а алардын кендерин табабыз.

КЕН БАЙЛЫКТАР БАССЕЙНИ – тоо тектеринин белгилүү бир формациясы м-н байланышып, узак аралыкка катмар түрүндө созулуп жаткан чөкмө кендер. Өз ичинен к ө м ү р л ү ү б а с с е й н д е р г е (Кузбасс, Донбасс, Печора, Иркутск, Өзгөн, Кара-Кече ж. б.), н е ф т ь - г а з д у у б а с с е й н д е р г е (Франциядагы Аквитин бассейни, Персия булуңу ж. б.), т у з б а с с е й н д е р и н е (Соликамск, Иркутск ж. б.), т е м и р к е н д ү ү б а с с е й н д е р г е (Кривой Рог, Керч, Жетим ж. б.), г и д р о г е о л о г и я л ы к б а с с е й н д е р г е (жер астындагы суулар) бөлүнөт.

КЕН БАЙЛЫКТАР КАРТАСЫ – пайдалуу кендердин ар кандай түрлөрү көрсөтүлгөн геол., геогр., экон. ж. б. карта. Геол. изилдөөлөрдүн негизинде түзүлөт. Белгилүү аймактын геол. ж-а тектон. түзүлүшү, тоо тектери (түрлөрү, орун алышы, жайгашуу тартиби, пайда болуу мезгили, стратигр. бөлүнүштөрү, ташка айланган орг. калдыктары), кен байлыктардын түрлөрү шарттуу белгилер м-н көрсөтүлөт. Масштабы, геол. кесиндилер, стратигр. мамыча берилет.

КЕНГУРУ́ (Kangaroo) – Австралиянын түш. жээгине жакын жайгашкан арал, Чоң Австралия булуңунда. Аянты 4,4 миң *км*²дей. Жеринин бети түзөң, бийикт. 300 *м*ге чейин. Климаты субтропиктик; жылдык жаан-чачыны 600 *мм*дей. Склерофиль бадалдары (мали-скрэб), кургак эвкалипт токою өсөт. Флиндерс-Чейс улуттук паркы бар.

КЕНГУРУ́ СЫМАЛДАР (Macropodidae) – баштыкчан сүт эмүүчүлөрдүн тукуму. Дене уз. 25–160 *см*, куйругу 15–105 *см*, салмагы 1,4–90 *кг*.



Кенгурулар: 1 – темгилдүү кенгуру; 2 – боз кенгуру.

Арткы буту алдыңкысынан узун ж-а күчтүү; 1-манжасы жок, 2- ж-а 3-манжалары жаргакча м-н бириккен. Секиргенде куйругу тең салмактуулукту сактап, тынч турганда таяныч катары кызмат аткарат. Карыны татаал түзүлүштө, көп камералуу. Өсүмдүк м-н азыктанат. Азыгын кулгуп кепшейт. 15–17 уруусу, 55тей түрү Австралия, Тасмания, Жаңы Гвинея, Бисмарк архипелагында таралган. Жерде секирип жүрөт. Жылына бир жолу бирди (чанда 2) тууп, 6–8 ай баштыгында алып жүрүп жетилтет. Айрым түрүнө эти, териси үчүн мергенчилик кылынат, фермаларда өстүрүлөт. Азайып кеткендиктен, 9 түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

КЕНДИН АЧЫК КАЗМАСЫ – кендерди жер үстүнөн казып алуу ыкмасы (к. *Карьер*). Биздин замандан миңдеген жыл илгери жашаган элдер (Индия, Кытай, Кавказ, Эфиопия ж. б.) кен байлыктарды жер үстүнөн ачык казып алган. 1941–45-ж. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда кендерди ачык түрдө казып алуу иштери өнүккөн. Бардык өндүрүш процесстери механикалаштырылган. Кенди ачык казып алууда металлга болгон дүйнөлүк керектөөлөрдүн 60–65%, көмүрдүн 30–35% өндүрүлөт. Жер астынан казып алууга караганда көмүр 2,5–3, кенташ 1,5–2 эсе арзан болот. Эмгек өндүрүмдүүлүгү 20 эсе жогорулайт. К. а. к. төмөнкү этаптарга бөлүнөт: кен казып алууга даярдык көрүү, кенди кургатуу, тоо-кен ж-а капиталдык курулуштарды куруу, кендин үстүн ачуу, тазалоо, казылгандарды ташуу, тереңдикке үңүлүп кирүү, механизмдерди ишке киргизүү. Мындан тышкары кошумча иштер (тектирлерди тазалоо, жол салуу ж-а оңдоо, суу м-н камсыз кылуу ж. б.). Бургулоо, жардыруу, үңүлмө казуу, жүктөө, ташуу, талкалап майдалоо, экскаватор, скрепер, жүктөгүч, бульдозер, гидромеханикаларды пайдалануу, циклдүү, циклдүү-потоктуу, потоктуу иштердин негизинде К. а. к. ыкмасы кен байлыктарды үнөмдүү, коромжусуз ж-а кырсыксыз казууну камсыз кылат.

КЕНДИН БАЛАНСТЫК ЗАПАСЫ – тереңдеги кен байлыктарды коромжусуз казып алууда ж-а кайра иштетүүдө, айлана-чөйрөнү коргоодо колдонулуучу иштер. Мында минералдык сырьёлордун өлчөмү, сапаты, технол. касиеттери ж-а кен өндүрүп алуудагы тоо-кен-технол., геогр., экон. шарты, изилдөө даражасы б-ча кондициялык талабына ылайык А, В, C_1 ж-а C_2 категориялар колдонулат.

КЕНДИРБАЕВ Эшмуканбет (т. ж. б., азыркы Ысык-Көл обл. Барскон айылы – 2. 2. 1938, Бишкек) – Кырг-нда Совет бийлигин орнотууга катышкан мамл. ишмер. 1916-ж. Түркстан БКнын тапшырмасы м-н Үркүндө Кытайга качып барып, кайра келген кыргыздарды жайгаштыруу б-ча жооптуу кызмат аткарган. Совет бийлиги орногондон кийин Каракол ж-а Пишпек ш-нда ревкомдун төрагасы, *Кара Кыргыз автономиялуу облусунун* Жер иштетүү б-ча эл комиссары, Жети-Суу обл. аткомунун төрагасы болуп иштеген. Түркстан БКнын чечими м-н 1921-ж. Ферганадагы басмачыларга каршы күрөшкө катышып, өнөкөт жүрөк оорусуна байланыштуу 1926-ж. кайра туулган жерине келген. Анын демилгеси м-н Тамга кыш-нда оорукана бөлүмү, Барскон кыш-нда орто мектеп курулган. Кара Калпак АССРи түзүлгөндө (1932), ага а. ч. башчысынын кызматы сунуш кылынган. 1936-ж. Ташкент ш-ндагы пахта өстүрүү ин-тунда ил. кызматкер болуп иштеген. 1937-ж. социал-туран партиясынын мүчөсү деген жалган жалаа м-н камакка алынып, атууга буйрулган. 1961-ж. Кыргыз ССРинин Жогорку соту тарабынан толук акталган.

КЕНДИРБАЕВА Жумагүл Жумаевна (23. 1. 1949-ж. т., Ысык-Көл обл., Түп р-ну, Талды-Суу айылы) – геология-минералогия илимд. доктору (2004), проф. (2006). ФПИни (1971) бүтүргөн. «Кыргызгипроводхоз» долбоорлоо ин-тунда инженер (1971–73), Кыргыз ССР ИАнын Сейсмология ин-тунда инженер, ил. кызматкер (1973–90), КРдин Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы «Бейиш» элдик медицина борборунда жетектөөчү ил. кызматкер, бөлүм башчы, директордун ил. иштер б-ча орун басары (1991–2001), И. Арабаев атн. КМУнун доценти (1991), И. Раззаков атн. КТУнун проф. (2006), Ж. Баласагын атн. КУУнун проф. (2007) болуп иштеген, КРдин Саламаттык сактоонун, отличниги (1999). 150 ил. эмгектин, а. и. 2 монография, 8 патенттин автору. Ил. иштеринин негизги багыты: тоолуу аймактарда табигый шарттын өзгөрүшүнөн суу ресурстарынын тартылуу же суу каптап, топурак кыртышынын сазга айлануу проблемалары.

КЕНДИР КУУРАЙ (Abutilon Adans.) – өсүмдүктөрдүн гүлкайырлар тукумундагы чөп же бадал уруусу. 100дөй түрү негизинен тропик же субтропикте таралган, а. и. теофраст (А.

theophrasti Medic) ж-а авиценна (A. avicennae Gartn.) К. к-ы көп кездешет. А в и ц е н н а К. к-ы – бир жылдык була өсүмдүк. Жапайы ж-а эгилме түрлөрү бар. Т е о ф р а с т К. к-ынын сабагы түз (бийикт. 3–4 *м*) жумуру, кыска, майда тикен м-н капталган, өзөк тамырлуу (тамыры жерге 1 *м*ге кирет). Жалбырагы кезектешип жайгашат. Гүлү сары, саргыч кызыл, чоң, бирден же чачы сымал топ гүлү жалбырак колтугуна чыгат. Уругу майда; 1000 уругунун салм. 14–18 *г*. Вегетация мезгили 100–150 күн. Күрдүү жерде жакшы өсөт. Була алуу үчүн өстүрүлөт. Сабагында 25% була болот. Буласынан мүшөк, аркан, жип жасалат. Уругунан 16–20% май алынып, самын, олифа, сыр даярдоодо пайдаланылат. Зыянкечтери: сабак жегич көпөлөк. Илдеттери: фузариоз, боз чирик.

КЕНДО́ – кылыч м-н машыгуу б-ча япон тайманш өнөрү. Ал байыртадан эле, Токугава династиясынын мезгилинде (1603–1867) япон аскерлеринин даярдыгынын негизи болгон. Ошол учурда бүгүнкү күндөгү машыгуунун негизги түрлөрү (бамбук кылыч «синай» м-н жыгач «боккен»), о. эле коргонуу жабдыктары пайда болгон. Мейдзинин (1868–1912) доорунда Японияда коомдон касталык бөлүнүү жоюлуп, кылыч алып жүрүүгө ж-а К. м-н машыгууга тыюу салынган. 1895-ж. жалпы япон таймаш күрөштөрүнүн федерациясы, 1952-ж. К-нун япон федерациясы түзүлүп, бул спорт түрү кайрадан жандана баштаган. Спорттук таймашта кылыч ышкыбозу серпилгич бамбуктан жасалган кылыч (таякты) кармап, башын, төшүн ж-а колун коргоочу атайын жабдыктарды колдонот. Каршылашынын денесине таамай тийгизген ыкмаларды аткаргандыгы үчүн упай топтойт. Учурда К. белгилүү спорт түрү гана болбостон, япон мектептеринде дене тарбия сабагынын өзөгүн түзөт.

Б. Усонканов.

КЕНДҮҮ АЛТАЙ Алтай тоолорунун полиметалл кендүү түш.-батыш бөлүгү. Уз. 400 *км*ден ашык. К. А-га Уба, Колывань, Калба кырка тоолору ж-а Тигирецкий, Иванов, Холзун Ульба тоолорунун тармактары кирет. Орто бийик тоо (бийикт. 2776 *м*ге чейин), батышына жапыз тоо рельефи мүнөздүү. Кенташ тулкусу текши жайгашкан ж-а чачыранды кендерден турат. Кен 2 тилкеге бөлүнөт: жез, коргошун, цинк кенташтары (Орлов, Золототушинский, Николаев, Белоусовка, Берёзовка ж. б. кендер) ж-а коргошун-цинк кенташтары (Рубцовский, Степной, Таловский, Средняя, Заречье, Гусляков, Лениногорск, Тушинский, Зыряновский ж. б.). К. А-ды көбүнчө Чыгыш Казакстан обл-нун аймагына кошот.

КЕНЕ ДАН (Ricinus L.) – сүт тикендер тукумундагы көп жылдык өсүмдүк уруусу. Бир түрү – кадимки К. д. (R. communis L.) бар. Ал бир нече түрчөгө бөлүнөт. А. и. көп эгилгендери: перс, сангвинеус, Занзибар ж-а кытай К. д-ы (уругунан май алынат). Африкада К. д. бадал же дарак (бийикт. 10 *м*ге чейин) түрүндө өсөт. КМШ өлкөлөрүндө негизинен кытай, сангвинеус К. д-ы ж-а гибрид сорттору эгилет. Өзөк тамырлуу өсүмдүк; сабагы (бийикт. 2 *м*, айрымдары 4 *м*ге чейин) түз, бутактанып өсөт. Негизги сөнгөгүндө 5–20 чоң жалбырак өсүп чыгат. Топ гүлү манжа сымал. Кайчылаш чаңдашат. Мөмөсү үч уялуу (ар уяда бирден урук болот), тоголок же сүйрү чанак (топ гүлүндө 15–300 чанак болот); 1000 уругунун салм. 200–500 *г*. К. д-да рицин белогу, рицинин алкалоиди бар; адам ж-а мал үчүн уулуу. Жылуу (уругу 10°Сде өнөт), кара топурактуу жерде жакшы өсөт. Уругунан кастор майы (60%) алынып, медицинада ж. б. пайдаланылат. К. д-дын күнжарасы мыкты жер семирткич болот. Сабак буласынан кап, жип жасалат. К. д. зыянкечтери: зым сымак курттар, күздүкчү үкүчө ж. б.; илдеттери – боз чирик ж. б.

КЕНЕЛЕР (Acarina) – жөргөмүш сымалдар классындагы муунак буттуу жандыктар тобу. Чондугу 0,05–13 *мм*, ал эми тойгон кан соргучтардыкы 30 *мм*ге чейин жетет. Баш-көкүрөгү курсагы м-н биригип, денеси муунаксыз. Айрым жөнөкөй К-дин денесинде муунагы сакталып калган. Денеси жука калканчалар м-н капталган, түрдүү түстө. Оозу азыктанышына жараша ар кандай түзүлүштө. Териси же кекиртеги м-н дем алат. Сезүү органдары жөнөкөй түзүлүштө. Алар – жырткычтар, өсүмдүк, о. эле сүт эмүүчү жаныбар ж-а кишинин каны м-н азыктанышат. К. айрым жыныстуу организмдер, көбүнчө жыныс диморфизми байкалат, жумуртка, кээ бири тирүү тууйт. Өөрчүү цикли жумуртка, личинкага чейинки стадия, личинка, анан 3 нимфа стадиясын өтүп, жетилген организмге айланат. Личинкасынын 6, нимфа м-н чоңдорунун 8 буту, тулкусунун алдыңкы бөлүгүндө 2 жуп буту (хелицер ж-а педипальпы) болот. Кээ биринин башында 4, арткы бөлүгүндө 2 жуп буту бар. Айрым К-дин баш көкүрөгүндө 6 жуп буту болуп, курсагы бутсуз. 4 жуп буту тырмактуу ж-а жабышкак. Хелицеринин учундагы кыпчууру тырмак же ийне сымал, ал азыгынын терисин сайуу ж-а ага жабышуу, жемин кармоо, майдалоо ж. б. милдеттерди аткарат. К-дин 300 тукуму, 20 миңдей түрү бар. Бардык жерде кенири таралган. Чириген калдыктар м-н азыктанат. Өсүмдүк м-н жаныбарларга мителик кылат. К-дин кан соргуч түрлөрү бир катар оорулардын козгогучтарын таратат. Айрым К. топурак пайда кылууга катышат, өсүмдүктүн кээ бир зыянкечтерин кырып, пайда келтирет. Иксод, аргас К-и адам ж-а жаныбарлардын эктопаразиттери, о. эле энцефалиттер, геморрагия калтыратмасы ж. б. оорулардын козгогучтарын жугузат. Айрымдары тасма курттардын аралык ээси, үй жаныбарларынын митеси болуп эсептелет. Кам-



Кенелер: 1 – кампа кенеси; 2, 3 – чопкуттуу кенелер; 4 – котур кенеси; 5, 12 – иксод кенелери; 6 – чалгычан кене; 7, 8 – тузсуз суу кенелери; 9 – галл кенеси; 10 – кадимки желе кенеси; 11, 13 – аргас кенелери.

па кенеси дан запасын бузат, котур кенеси адам м-н жаныбарлардын терисинде мителик кылып, *котур* оорусун пайда кылат.

КЕНЕНСАРИЕВ Ташманбет (5. 9. 1949-ж. т., Жалал-Абад обл., Аксы р-ну, Кара-Суу кыш.) – тарыхчы, тарых илимд. доктору (1998), проф. (1999) КРдин билим берүүсүнө эмг. син. кызматкер (2008). Жалал-Абад пед. окуу жайын (1968), КМУну (1978) бүткөн. 1970–73-ж. Жаңы-Жол р-нундагы Абдыкалык атн. орто мектепте мугалим, 1978–79-ж. ММУда стажёр, 1979–85-ж. КМУда окутуучу, 1985–99-ж. ОМПИде (кийин ОшМУ) бөлүм башчы, тарых-укук таануу ф-тинин деканы, улук ил. кызматкер, доцент, 1999–2006-ж. окуу иштери б-ча проректор, 1-проректор, 2006–07-ж. КРдин Президентинин алдындагы Эл аралык стратегиялык изилдөөлөр ин-тунун директорунун орун басары, 2007–09-ж. КРСУда проректор, 2009–10-ж. ЖАМУнун ректору болуп иштеген. Кокон хандыгынын тарыхына арналган 300дөн ашык ил. эмгектин (а. и. 12 монография, 3 окуу китеби, 16 окуу-методикалык көрсөтмө) автору. Англиядагы (Кембриж) эл аралык биография борбору «2005-жылдын көрүнүктүү педагогу» наамын ыйгарган.



КЕНЕП (Hibiscus cannabinus L.) – өсүмдүктөрдүн гүлкайырлар тукумундагы бир жылдык чөп. Өзөк тамырлуу, жерге 1,5–2 *м* кирип, тарамдалып өсөт; сабагы (бийикт. 5–6 *м*дей) түз, бутактанат. Жалбырагы ири тарамдуу, жалбырак сабы узун. Гүлү чоң; ак, күрөң түстүү, мөмөсү беш уялуу, түктүү кутуча (ар кутучада 15–20 урук болот); 1000 уругунун салм. 20–28 *г*. К. күнөс, нымдуу, кара топурактуу жерде жакшы өсөт. Кытай, Индия, АКШда эгилет. Вегетация мезгили 125–145 күн. К-тин кургак сабагында 16–21% була бар, андан таар, брезент, аркан, жип ж. б. жасалат. Уругунда 18–20% май (булгаары, самын, боёк жасоодо пайдаланылат) болот. Бакалынан кагаз ж-а курулуш тактасы даярдалат. Күнжарасы тоют, жер семирткич катары пайдаланылат. Илдеттери – боз чирик ж. б.; зыянкечтери: үкүчөлөр, кызылча канталасы ж. б.

КЕНЕСАРЫ Касымов (1802, Казакстан, Көкчө-Тоо аймагы – 1847, Кырг-н, Токмокко жакын Май-Дөбө, Кекиликтин сеңири деген жерлер) – *Казак хандыгынын* Орто жүзүнөн чыккан акыркы ханы (1841–47), *Абылай* хандын небереси. Касымдын улуу аялынан К., Бопуй ж. б., кичүү аялынан Ноорузбайлар туулган. Абылай хандын баласы Вали хандын тушунда (1781–1821) Орто жүзгө Россиянын таасири күчөп, 1822-ж. орус падышасынын «Сибирь казактары тууралуу» буйругу м-н Орто жүз хандыгы жоюлган. *Кокон хандыгы* 1836-ж. К-нын агасы Саржанды, 1840-ж. атасы Касым төрөнү өлтүрүп, Казакстандын түштүгүн карата баштаган. К. Орто жүздө чоң атасы Абылай хан түзгөн хандыкты калыбына келтирүүнү ж-а өзүнүн жеке бийлигин орнотууну эңсеген. Ал Казакстанда Россия империясынын таасиринин таралышына, үстөмдүгүнүн орношуна тоскоол болууну, о. эле Кокон хандыгына каршы чечкиндүү түрдө күрөшүүгө аракеттенген. К. Россиянын курамына кире элек казак жерлерин сактап калуу үчүн бир нече жолу Николай Iге, Оренбург генерал-губернаторлору В. А. Перовский, В. А. Обручев, Сибирь генерал-губернатору П. Д. Горчаковго кат жазып кайрылган. Бирок Россия империясы казактарга каршы аскер жүрүштөрүн уюштуруп, 1838-ж. Ак-Моло, Ак-Тоо чептерине кол салып, орттошкон. 1841-ж. К. Кокон хандыгынын карамагына өткөн Сузак, Жаны-Коргон, Ак-Мечит чептерин кайра алган. 1843-жылдары орус аскери К-га каршы чечкиндүү аракетке өтүп, көптөгөн казак урууларын ага каршы көюуга жетишкен. Аскери азайып, абалы начарлаган

К. Борб. Казакстанды калтырып, *Жети-Сууга* конуш которот. К-нын 10 жылга созулган кыймылы (1837–47) басып алуучулук, талап-тоноо, зордук-зомбулук, кан төгүү м-н коштолгон (к. *Кенесары хандын чапкыны*). Ал Улуу жүз казагын ж-а кыргыздарды багындырууну, аларга таянып, падыша аскерлерине, Кокон хандыгына каршы күрөштү улантууну көздөгөн. Бирок ою ордунан чыкпай, анын акыркы жылдарда күч алган талоончул согуштары калктын кыйла бөлүгүн, султан, бийлердин бир тобун кыймылдан алыстоого түрткөн. 1846-ж. К. кыргыздарга бүлгүн салганда, Орто жүздүн Аягуз, Каркаралы, Көкбекти округдарынын айрым султандары хандан четтеп кетишкен. Улуу жүз казак султандары м-н бийлеринин көбү Россия тарапка оогон. Абалы начарлагандыгына карабастан, кыргыздарды каратып, алардан салык, аскер алууга үмүттөнгөн К. 1847-ж. кыргыздарга 2-жолу жортуул жасаган. Бул айыгышкан салгылашууда К-нын колу Токмок ш-на жакын жерде кыргыздардан жеңилип, өзү Дайырбек, Жалбай, Калча Атамбековдор тарабынан Алмалуу-Сай деген жерде колго түшкөн. Оозеки маалыматтарда казактардын колунан өлгөн Субанбектин иниси Тайсары К-нын башын кесип алган. Падыша өкмөтү анын башын Санкт-Петербург музейине көргөзмө кылып коюшкан.

Ад.: *Кенесарин А.* Кенесары и Садык. Таш., 1889; *Джамгырчинов Б.* Киргизы в эпоху Ормон хана (Из истории феодально-родовых войн киргизов в XIX в.). Ф., 1945; *Бекмаханов Е.* Казакстан в 20–40 годы XIX в. А.-А., 1947; *Касымбаев Ж.* Последний поход хана Кенесары и его гибель (декабрь 1846–1847 гг.). А., 2002; *Алихан Букейхан (Степняк).* Материалы к истории султана Кенесары Касымова (воспоминания кара-киргиза Калигуллы Алибекова о последних днях Кенесары)//Кыргызстан тарыхынын маселелери. Б., № 4, 2006.

Э. Турганбаев.

КЕНЕСАРЫ ХАНДЫН ЧАПКЫНЫ – *Кенесары* Касымов башында турган казактардын Түн. Кырг-нга жасаган жортуулу (1846; 1847). Россия империясынын басып алуу саясатына байланыштуу Оренбург ж-а Сибирь чебиндеги орус аскеринин кысымына учураган К. Касымов 1845-жылдын күз айларында Чүй өрөөнүнө чегинген. Ал 1846-ж. эрте жазда кыргыз манаптарына (Жантай, Жангарач) элчи жиберип, орустарга каршы бир колго биригүүгө чакырган. Кыргыз манаптары кеңешип, «жашы улуу, хандыкты Ормонго бер, калган ишти өзүң бил» деп жооп берген. Бирок казак элчилери кайтып бара жатып, жолдон жылкы уурдаган. Артынан куугандыгыздар элчилерди кармап, *Ормон ханга* жеткиришкен. Ормон «булар элчи эмес, ууруулар турбайбы» деп, кыргыздар кабыл алган мыйзамга ылайык кулактарын кесип, коё берген. Аны шылтоологон Кенесары хан ошол эле жылдын март–апрель айларында Агыбай м-н Букарбай башында турган 3 миң жоокерин кыргыздарга каршы аттандырган. Бул салгылашууда казактардан 1000 киши өлүп, 5 султан 2000 жоокери ж-а 2 замбиреги м-н колго түшкөн. Мындан соң солто элинин атынан Тынаалы Чыны уулу кыргыз м-н казакты ынтымакка чакыруу үчүн Кенесарыга [illegible] учурда, кыргыздар да (солтонун токол[illegible] уругунан) казактардан тогуз байтал уурд[illegible] келген. Ага жооп кылып казактар Тынаал[illegible] туткунга алган. Абалдын курчуп бара жат[illegible]ынан улам *Жантай* м-н *Жангарачтар* к[illegible]тарды тынчтуу үчүн Кенесарыга элчи жибе[illegible]ген (к. *Калыгул* чечен). Бирок чапырашты уруусунун баатыры Шоорук Кенесарынын кеңеши м-н солтонун жылкысын чаап, Жаманкара баатырды элдешели деп, үч жолдошу м-н алдап чакыртып, Кенесары ханга кармап берген. Хан анын эки бөйрөгүн оюп өлтүрткөн. Ошол эле жылдын күз айларында Жаманкаранын кунун кууган агасы Чынгыш жанына Күрпүк м-н Самактн алып, Шооруктун айылына кол салып, өзүн өлтүрүшкөн. Бул окуя Кенесарынын кыргыздарга жаны жортуул уюштуруусуна шылтоо болгон. Жортуул учурунда Кенесары Мерке чебин курчоого алган. Чептин башчысы Мухаммедали датка согушуудан баш тартып, Кенесарыга Кызылоо деген күлүгүн тартуулап, багынып берген. Андан кийин таластык кыргыздарды чаап, Калча башында турган 200 кыргызды колго түшүргөн. Пишпек чебинин беги Алишер датка багынуудан баш тарткан. Муну укkан Ормон хан Жантай, Жангарач, Ажыбек (Токтобай уулу), Төрөгелди, Боромбай, Балбай ж. б. эл мыктылары м-н кеңешип, согушка даярдык көрө баштаган. 1847-жылдын башында Кенесары колго түшкөн кыргыздарды бошотуп, Эсенгелди Саржан уулу баштаган элчилерин Ормонго 2-жолу жиберген. Ормон кайра эле «менин жашым улуу, хандыкты мага берип, өзүң акылдашып иш кыл» деген жообун берген. Ушундай шартта Кенесары хан кыргыздарды чабууга бел байлаган. Казактын кээ бир бийлеринин (Сыпатай, Байзак ж. б.) каршы болгонуна карабай, Кенесары кол алдына 10 миңден ашык жоокер, 2 замбирек, 1,5 миңден ашык мылтык жыйнаган. Экинчи чабуул 1847-жылдын 17–25-апрелинде болуп өткөн. Кенесары Тынаалыга жол баштатып, түнү м-н азыркы Кант ш-нын түндүгүндө жайгашкан Кара-Суудагы сарыбагыштардын айылына капыстан кол салган. Кыргыздар ок-дарылары калбай калганча кармашып, Ормонбек, Субанбек ж. б. баатырлар өлгөн, а. и. *Калпак баатыр* Стамбек уулу өзгөчө эрдик көргөзгөн. Кенесары колун экиге бөлүп, Токмокту көздөй жөнөп, Чүй суусунун оң жагында Текеликтин (Кекиликтин) сеңири деген жердеги Май-Добого туусун тиккен. Жантай м-н Жангарач башында турган Чүйдөгү солто м-н сарыбагыштар казактар м-н кармашып, Кенесарынын баласы Жапарды колго түшүрүп алышкан. Үч күндөн кийин керней-сурнайын тарттырып, колу м-н Ормон келгенде Кенесары: «Сыйырча мөөрөгөн не?» – десе, жанындагы Байзак: «Ханым, сиз кыргыздын чаба[illegible] м-н чабышып жаткансыз, жаяны эми келд[illegible],– деп түшүндүргөн. Ормон кол башчылыкты[illegible] колуна алып, түнкүсүн кыркырларга ал[illegible]нтуп от жактырып, жер жайнаган аскер [illegible]кип калгандай сүр көрсөткөн. Күндүзү тал[illegible]араган-чычырканакты атка сүйрөтүп, ад[illegible]аралай, кыр ылдый өйдө-төмөн чапкылаган [illegible]гиттер уюлгуган коюу чаң чыгарып, түмө[illegible]өгөн кол топтолгондой түр көрсөтүп, жоо[illegible]ун жүрөгүнүн үшүн алган. Казактардын көбү чабуул башталганда эле качып, жер оңүтүн билбегендиктен, Мыкандын сазына чөгүп кеткени да көп болгон. Агыбай баатыр баштаган азыраак гана казактар аман кутулган. Казак жактан бардыгы миңден ашык киши (а. и. төрө тукумунан 32) курал-жарактары м-н туткунга түшкөн. Кенесарынын жибек чатыры ж-а өздүк мылтыгы да колго түшүп, алар кийин Бүткүл россиялык көргөзмөгө коюлган. Кенесары м-н анын иниси Ноорузбайды Алмалуу-Сай деген жерден Дайырбек, Жалбай, Калча Атамбековдор колго түшүрүп алышкан. Кенесарыны жеңгени үчүн кыргыздардан 12 кишини орус бийлиги ар кандай медалдар м-н сыйланган. К. х. ч-нда кыргыздардан *Шамен* Куттуксейит уулу, *Адыл* Субан уулу, *Умөтаалы*, Чаргын Ормон уулдары, *Төрөкелди* баатыр, Алыбек Кетирекей уулу, Кебек мерген, Ботаалы Назар уулу ж. б. баатырлар өзгөчө эрдик көрсөтүшкөн.

Ад.: *Кенесарин А.* Кенесары и Садык. Таш., 1889; *Бекмаханов Е.* Казахстан в 20–40 годы XIX в. А.-А., 1947; *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. Т. 1–2. Б., 1993; *Касымбаев Ж.* Последний поход хана Кенесары и его гибель (декабрь 1846–1847 гг.). А., 2002; *Алихан Букейхан (Степняк).* Материалы к истории султана Кенесары Касымова (воспоминания кара-киргиза Калигуллы Алибекова о последних днях Кенесары)//Кыргызстан тарыхынын маселелери. № 4, 2006; *Махаева А.* Казак-кыргыз саяси байланыштарынын тарихы (XVIII кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башы). А., 2007; *Абдырахманов Ы.* Казак, кыргыз окуясы //Кыргызстан тарыхынын маселелери. Б., № 1, 2007.

КЕНЖАЕВ Идирисбек Гуламович (5. 11. 1953-ж. т., Өзбекстан, Анжиян обл., Коргон-Төбө р-ну, Токтогул айылы) – техника илимд. доктору (2006), проф. (2007), КР Инж. академиясынын академиги (2010), элге билим берүүнүн отличниги (1999). ФПИни (1983), Өзбекстан ИАнын Күн физикасы физика-тех. ИИИнин аспирантурасын (1991) бүтүргөн. ФПИнин Оштогу филиалында окутуучу (1983–88), Ош технол. колледжинде улук окутуучу, доцент (1991–96), Ош ТУда декандын орун басары (1996–98), декан (1998–2000), проректор (2000–02), КР УИАнын Түш. бөлүмүндө лабор. башчысы (2002–03), Ош МУда кафедра башчысы (2003–07), декан (2007–10), 2010-жылдан проректор. Энергиянын жаңыланган түрү ж-а автомобиль транспорту тармагы б-ча адис. 70тен ашык ил. эмгектин, а. и. бир монография ж-а 4 патенттин ээси.

Эмг.: Энергоустановки на базе двигателя Стирлинга. Б., 2006.

КЕНЖАЕВ Махамаджан Гуламович (4. 5. 1949-ж. т., Өзбекстан, Анжиян обл., Коргон-Төбө р-ну, Токтогул айылы) – хирург, медицина илимд. доктору (2002), проф. (2004), КРдин саламаттык сактоосунун отличниги (1995). КММИни (1976), ошол эле жерде аспирантураны (1981) бүтүргөн. 1981–97-ж. КММИде ассистент, доцент, 1997-жылдан Жайыл р-ндук ооруканасында хирургия бөлүмүнүн башчысы. 2000-жылдан кайрадан КММАда доцент, проф. 2006–08-ж. ошол эле жерде декан, проректор. 2009-жылдан КММАнын Мед. борборунда директордун орун басары болуп иштейт. Хирург. гастроэнторология ж-а паразитология тармагы б-ча адис. 70тен ашык ил. эмгектин, а. и. 4 монографиянын автору.

Эмг.: Диагностика и хирургическое лечение эхинококкоза и профилактика его рецидива. Б., 2001; Современные подходы к хирургическому лечению паховых и послеоперационных вентральных грыж. Б., 2008.

КЕН ЖАРДЫРУУ – жардыруучу заттар м-н кенташтарды жардырып талкалоо. Бул иш жардыруучу заттар, жардыргыч каражаттары (капсула милте, жип, электр заряд ж. б.) аркылуу ишке ашырылат. Тоо тектери м-н кенташтарды жардыруу үчүн адегенде аларды бургулайт же кол м-н оёт. Оюлган оюкка же бургуланган көзөнөкө керектүү өлчөмдө жардыруучу зат салынат. Аны дүрмөт м-н от алдырат. Тоо тектери өз алдынча, кенташтар алардан бөлөк жардырылат. Жер астындагы тоо тектерди же кенташтарды жардырып, боштуктарды пайда кылуу аркылуу терендиктеги ири кендер казылып алынат. Көмүр катмарларын өндүрүүдө жалынсыз жардыруу иштери колдонулат. Өзгөчө газ м-н чаң кездешкен көмүр шахталарында жалынсыз жардыруу негизги орунду ээлейт.

КЕНЖЕБАЕВ Шаршен (1932-ж.т., Нарын обл., Ат-Башы р-ну, Ой-Терскен айылы) – физик, физика-математика илимд. доктору (1994). КМУну (1953), Кыргыз ССР ИА ФМИнин ж-а Москва ФИнин аспирантурасын бүтүргөн (1965). 1965-жылдан КР УИА МИде кенже, улук ил. кызматкер, 1985-жылдан башкы ил. кызматкер. Ядро, элементардык бөлүкчөлөр физикасы ж-а матем. физика тармагы б-ча адис. 20дай ил. эмгеги, а. и. 1 монографиясы жарык көргөн.

Эмг.: Теория нестационарной термализации нейтронов в кристаллических средах. Ф., 1990; The evolution time of nucleon spectrum in residual excited nucleus and calcultation of the non – linear etfects (в соавторстве). Таш., 1994.

КЕНЖЕГУЛ – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Кашкар-Кыштак айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 840 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 15 *км* түш.-батыш тарапта. Кашкар-Кыштак т. ж. бекетинен 2,5 *км*. Калкы 2208 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар.

КЕНЖЕКАРА Калча уулу (1859, Чүй өрөөнү – 1929, Фрунзе) – семетейчи ж-а кыл кыякчы. К. башка семетейчилерден «Семетей» эпосун кыл кыяктын коштоосунда айткандыгы м-н өзгөчөлөнгөн. 1903-ж. Орус география коому кыргыз жергесине ил. экспедиция уюштуруп, ага сүрөтчү Б. В. Смирнов м-н этнограф-окумуштуу А. Т. Белинский катышкан. Алар К-нын кыл кыяктын коштоосу м-н аткарган «Семетей» эпосунан «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшүн» ж-а «Ак-Бала баатыр жөнүндө ыр» деген чыгарманы жазып алып, орус тилине кара сөз түрүндө которуп жарыялашкан. К-нын айтканын Атайбек деген тилмеч которуп берген. Котормо 1914-ж. Москвада «Түркстан талааларында» деген ат м-н китеп болуп чыккан. Сүрөтчү К-дан укkан сюжет б-ча Семетей м-н Айчүрөктүн сүрөтүн тарткан ж-а семетейчинин өзүн эпостун үзүндүсүн кыл кыяктын коштоосу м-н аткарып жаткан учурунда сүрөткө тартып алган. Китепте «Семетейди» кырк күн, кырк түн айта ала тургандыгы эскертилген.



КЕНЖИСАРИЕВ Марат Сарымсакович (25. 4. 1965-ж. т., Чүй обл., Токмок) – генерал-майор (2010). Минск жогорку аскердик-саясий окуу жайын (1987), КМУну (1996), РФ Аскер академиясынын жогорку акад. курсун (2008) бүткөн. 1987–88-ж. Волга бою аскер округундагы мотоаткычтар дивизиясында рота командиринин орун басары, 1988–90-ж. Аскерлердин түн. тобунун аткычтар батальонунда рота командиринин орун басары, 1990–92-ж. Түркстан аскер округунун кенже адистерди даярдоочу окуу борборунун гвардиялык аткычтар полкунда рота командиринин орун басары, жардамчысы (1991-жылдан), 1992–94-ж. КР коргоо иштери б-ча мамл. к-тинде болүмдүн офицери, улук офицер, 1994–97-ж. КР коргоо министрлигинде улук офицер, начальниктин орун басары-бөлүмдүн начальниги, 1997–2000-ж. Иш башкармалыгынын начальниги, 2000–01-ж. борб. аппаратында секретариаттын начальниги – коргоо министринин жардамчысы, 2001–07-ж. аскер-тех. кызматташтык башкармалыгынын начальниги, 2007–09-ж. эл аралык аскер. кызматташтык башкармалыгынын начальн[illegible], 2009–10-ж. КР коргоо министринин 1-орун. басары болуп иштеген.



КЕН ЗАПАСЫН ЭСЕПТӨӨ – кенталташтын курамындагы минералдык сырь[illegible]н сапатын, санын, өлчөмүн аныктоо. Мын[illegible] кендердин чалгындоо даражасы, орун алуу тартиби, сапаты, саны, өлчөмү, чеги, эл чарбасындагы мааниси, казып алуу мүмкүнчүлүгү, жайгашуу тартиби, жалпы шарты такталат. Кендерди чалгындоонун бардык этабында запасы аныктала берет. Эң алгачкы чалгындоодогу маалыматтар б-ча запасты эсептөө м-н тех.-экон. доклад (ТЭД) даярдалат. Кендин кондициясы түзүлөт. Тийиштүү кенталташтын запасы, баалуулугу аныкталат. Бул көрсөткүчтөр кийин тоо-кен мекемелерин долбоорлоодо негизги документ болуп калат. Кендин алгачкы ж-а такталгандан кийинки запасын запас б-ча мамл. комиссия бекитет. Кендин запасы экон. жактан казып алууга жарактуу (баланстык) же азырынча пайдалануугa жараксыз (баланстан тышкары) экендиги аныкталат. Булардын ар бири кен байлыктын чалгындалган даражасына, изилденип чыккан сапатына, казып алуу шартына байланыштуу 4 категорияны (А, В, С ж-а C_2) түзөт. Кендин таралышы чектелбей, кенталташтын сапаты аныкталбай, жалпы геол. маалыматтарга карап болжолдуу алынган запас прогноздук же геол. запас деп аталат.

Ад.: *Смирнов В. Н. и др.* Подсчёт запасов месторождений полезных ископаемых. М., 1960; *Коган И. Д.* Подсчёт запасов и геолого-промышленная оценка рудных месторождений. М., 1974.

КЕН ИЗДӨӨ ЖАНА ЧАЛГЫНДОО – кен орун алган жерди таап, анын ө. ж-лык маанисин толук аныктоо үчүн жүргүзүлүүчү геол. иштер. Адегенде кенди изилдейт, андан кийин аны чалгындайт. Кен издөөдө кен орун алган аймактын геол. түзүлүшү изилденет. Кенди издеп таап, анын келечектеги мааниси такталат ж-а төмөнкү геол. иштер жүргүзүлөт: 1) кен белгилери бар аймакты толук изилдөө, кендердин топтолушун бөлүү. Чакан ж-а ири кендерин ажыратуу; 2) биринчи этапта жүргүзүлгөн иштердеги маалыматтарга таянып, кен аз же көп топтолгон жерлердин геол. түзүлүшүн, кендин түспөлүн, курамын, көлөмүн так аныктоо. Кен чыккан жердин геол. картасын түзүү. Кенге мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү изилдөө. Геофиз., геохим. ыкмалары м-н өлчөмүн билүү. Кен чачындысын аныктоо (к. *Кен чачындысы*). Айланасындагы кумдарды чайкап (шлих алуу), кандай элементтер кездешерин тактоо. Тоо тектерин, андагы кендердин орун алышын, таралышын, жер бетине чыгып калышын аныктоо. Геофиз., геохим. ыкмалар м-н табылган өлчөмдү текшерүү, кендин аз-көбүн, сапатын, көлөмүн билүү, тоо иштерин (канава, шурф, бургулоо көзөнөктөрү) ишке киргизүү. Кенди чалгындоодогу геол. түзүлүшү, ө. ж-лык маанисин өлчөмү, сапа[illegible] көлөмү, терендиги, орун алуу шарты, казы[illegible]луу, ылгоо, эритүү ж. б. иштер жүргүзүлөт. К[illegible]ева, шурф казылат. Терендикте штольня, шах[illegible]а ж. б. тоо казмалары ишке киргизилет. [illegible]рен бургулоо, кенден сынамык алуу, курамы[illegible] аныктоо, санын тактоо маселелери каралат. Чалгындоо иштери өз ичинен 3 баскычтан турат. Биринчи, алгачкы баскычта кендин жалпы өлчөмү, түрлөрү, түспөлү, курамы, ылгоо ж-а казып алуу шарттары такталат. Натыйжада кендин запасы эсептелет. Өндүрүшкө жарактуулугу билинет. Тех.-экон. доклад (ТЭД) даярдалат. Жарактуу кендерди жакын арада казып алуу маселеси каралат. Мындан кийин дыкат чалгындоо иштери (экинчи мезгил, баскыч) жүргүзүлө баштайт. Кендин таралышы, түзүлүшү, орун алуу шарттары, казып алууда кездешүүчү физ. касиеттери аныкталат. Изилденген кенге өндүрүштүк баа берилет. Казып алуу үчүн тех. долбоор түзүлөт. Шахта, рудник сыяктуу мекемелер курулат. Үчүнчү баскычта пайдалануугa берилүүчү чалгындоо ишке киргизилет. Бул баскыч кен казып ала баштаган мезгилден казып алганга, б. а. бүткөнгө чейин улантылат. Кен казып алуу иштерин тейлөөдө ж-а аны пландаштырууда геол. маалыматтарды берип турат. Кендин түзүлүшүн тактап, толук изилденбей калгандарын табат.

Ад.: *Прокофьев А. П.* Основы поисков и разведки месторождений твёрдых полезных ископаемых. М., 1973; *В. В. Авдонин* и др. Поиски и разведка месторождений полезных ископаемых. М., 2007.

КЕН ИШТЕТҮҮ – жер кыртышындагы кен байлыктарды өндүрүп алуу иштери. Адегенде кен байлыктар геол. жактан толук изилденет. Кенди издөө ж-а чалгындоо иштери жүргүзүлүп, запасы, сапаты аныкталат. Казып алуудагы экон. жактары, кен казып алуучу ишкананын кубаттуулугу, иштетүү ыкмалары каралат. Чалгындоодо геофиз., геохим. ж. б. ыкмалар колдонулат. Бардык жактан толук изилденип бүткөндө, долбоордун негизинде кен казыла башталт. Жер терендигинде же жер бетинде ар кандай казылмалар ж-а бургулоо иштери жүргүзүлөт. Шахта (рудник) имараттары курулат. Шахтада эки түрдүү казма казылып, анын биринен шахта ичине таза аба киргизилет, экинчисинен булганган аба сыртка чыгарылат. Мындай иштерди тик же жантайыңкы шахта стволдору м-н штольня аткарат. Кен ачылгандан кийин аны казып алууга даярдык көрүлөт. Шахта стволдору, жардамчы казмалар казылат. Үнүлмөдөн казылып алынган кенталташтар атайын унаа м-н жер бетине көтөрүп чыгарылат. Ар кандай жүктөр, жабдыктар, шаймандар, кишилер шахта стволундагы көтөргүчтөр аркылуу шахтага түшүрүлөт же жер бетине көтөрүлөт. Кен иштетүүдө жер кыртышындагы кен байлыктарды толук казып алуу негизги орунду ээлейт. Көп учурда ачык жол м-н казып алуу кеңири колдонулат. Мында эмгек өндүрүмдүүлүгү жер алдына казганга караганда 7–20 эсе жогору, казылып алынган кендин өзүнө турган наркы бир кыйла төмөн болот.

КЕ́НИЯ – Чыгыш Африкадагы өчкөн жанартоо массиви, Кенияда, экваторго жакын жайгашкан; бийиктиги б-ча Африкадагы 2-чоку (Батиан, 5199 *м*). Лава платосунан бузулган конус сымал көтөрүлүп турат; Чыгыш Африка риф зонасынан чыгышта. Ландшафттын бийиктик алкактуулугу даана байкалат: этегинен 1200 *м* бийикке чейин нымдуу экватордук токой (гилея); андан жогору (2000 *м*ге чейин) мелүүн ысык климат алкагында кофе, сизаль, банан плантациялары; 3000 *м*ге чейин нымдуу тоо токою; 4800 *м*ге чейин экватордук бийик тоо шалбаасы; андан жогору түбөлүк кар ж-а мөңгү жатат. Капталдарында 15 мөңгү бар (уз. 1,5 *км*ге чейин). К-нын чокусун ж-а айланасын Маунт-Кения улуттук паркы ээлеп, ал *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген.

КЕ́НИЯ, Кения Республикасы – Чыгыш Африкадагы мамлекет. Түш.-чыгышынан Инди океаны, түш.-батышынан Виктория көлү м-н чулганып, түндүгүнөн Судан ж-а Эфиопия, чыгышынан Сомали, түштүгүнөн Танзания, батышынан Уганда м-н чектешет. Аянты 581,8 мин *км*². Калкы 35,1 млн (2008). Борбору – Найроби. Расмий тили – англис ж-а суахили тилдери. Акча бирдиги – К. шиллинги. Адм.-айм. жактан 8 провинцияга бөлүнөт.





Административдик-аймактык бөлүнүшү (2008)

Провинция	Аянты, мин *км*²	Калкы, мин	Адм. борбору
Батыш	8,3	4348,7	Какамега
Борбордук	13,2	3919,1	Ньери
Жээк	84,1	3089,0	Момбаса
Найроби	0,7	3038,6	Найроби
Ньянза	12,5	5094,3	Кисуму
Рифт-Валли	182,4	8756,0	Накуру
Түндүк-Чыгыш	126,2	1410,3	Гарисса
Чыгыш	154,4	5456,2	Эмбу

К. – БУУнун (1963), Шериктештиктин (1963), Африка союзунун (1963), ЭВФтин (1964), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун (1995) мүчөсү.

Мамлекеттик түзүлүшү. К. – унитардык мамлекет. 1963-ж. 12-декабрда Конституциясы кабыл алынган. Башкаруу формасы – президенттик республика. Мамлекет башчысы – президент (5 жылга шайланат). 35 жаштагы К-нын жараны президенттикке шайланууга укуктуу. Мыйзам чыгаруу бийлиги – бир палаталуу парламент – Улуттук ассамблеяга таандык (5 жылга шайланып, 224 депутаттан турат) Өкмөт президент, премьер-министр (2008-жылдан) ж-а министрлерден турат. К-да көп партиялуу система орун алган. Саясий партиялары – Улуттук биримдик партиясы, Сары кызыл демокр. кыймылы.

Табияты. К-нын аймагынын басымдуу бөлүгү Чыгыш Африка бөксө тоосунун түн.-чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Деңиз деңг. орт. бийикт. чыгышында 500 *м*ден, батышында 1500 *м*ге чейин. Бөксө тоонун борб. бөлүгү аркылуу тектон. ойдундардын кууш тилкеси (Чыгыш Африка риф системасынын чыгыш тармагы) өтөт; ал ойдундардын айрымдарына суу толуп, көлдөр (Рудольф, Баринго, Магади) пайда болгон. Ойдундар чыгышынан ж-а батышынан бийик кырка тоолор (чыгышынан Абердэр, эң бийик жери 4000 *м*; батышынан Мау ж-а Элгейо, 3000 *м*), жанартоо массивдери (5199 *м*, Кения чокусу – К-нын эң бийик жери) ж-а лава платолору м-н торолгон. К-нын батыш бөлүгүн калдык тоолору бар бийик келки бөксө тоо ээлейт. Чыгышында бөксө тоо аккумуляциялык жээк түздүгүнө (жазылыгы 50–200 *км*) тепкичтенип түшөт.

К-нын аймагы кембрийге чейинки кристаллдык ж-а метаморфизмделген тоо тектерден (гранит, гнейс, кварцит, кристаллдык сланец) түзүлүп, жаракалар зонасы кайнозой лавалары м-н капталган. Жээк түздүктөрү мезозойдун ж-а неоген-төртүнчүлүк мезгилдин деңиз чөкмөлөрүнөн турат. Табигый сода ж-а флюорит кендеринин запасы мол; цемент, курулуш акиташ теги, диатомит, бентонит, каолин, вермикулит, гипс, талаа шпаты, айнек ж-а курулуш куму, баалуу таштардын (аметист, аквамарин, кордиерит, жашыл гранат, рубин, сапфир, турмалин) ө. ж-лык мааниси бар. Алтын, темир, ниобий, сейрек жер элементтери, коргошун, күмүш, никель, титанциркондуу оор кум чачыранды кендери да белгилүү. Геотерм ресурстарынын запасы да мол.

К-да субэкватор климаты үстөмдүк кылат; аймагы кыйла бийик жайгашкандыгына байланыштуу өтө ысык эмес, ным салыштырмалуу жетишсиз. Тайпак тоодо темп-ранын суткалык өзгөрүүсү зор, климаттын бийиктик алкактуулугу даана байкалат. Июлдун орт. темпрасы жээк бөлүгүндө 24–25°С, тоолуу аймактын борб. бөлүгүндө 12–15°С, батышында 22°С; январдыкы ошол эле тартипте 27°С, 14–18°С, 24°С. Экваторго жакын жаан-чачындуу 2 сезон (март–апрель ж-а ноябрь–декабрь) болот; түндүгүндө ж-а түштүгүндө жаан-чачындын жайкы максимуму даана байкалат. Жаан-чачындын жылдык орт. өлчөмү өлкөнүн эң кургакчыл түн.-чыгышында 250 *мм*ден батышында ж-а түш.-батышында 1500–2000 *мм*ге чейин. Кения тоосунда (4700–4800 *м* бийикте) тор мөнгөрөөн тибиндеги ондон ашык чакан мөңгү бар. Мөңгүлөрүнүн бардыгы чегинип баратат. Дарыялары сейрек, суусу аз; түндүгүндө ж-а түн.-чыгышында агым айрым сезондо же мезгил-мезгили м-н пайда болот. Ири дарыялары – Тана, Галана Инди океанынын алабына кирет. Өлкөнүн борб. бөлүгүндөгү ойдун суусу сыртка агып чыкпаган туюк облуска кирет. Көлдөрүнүн Викториядан башкалары (Викториянын акваториясынын чыгыш бөлүгү К-нын чегинде) туюк, тектон. кыймылдан пайда болгон (Рудольф, Баринго, Магади ж. б.) көлдөр.

Аймагынын басымдуу бөлүгүн феррозём топурактары ээлейт, чыгышында ж-а түн.-чыгышында шор жерлер да кездешет. Тоолоруна кызыл ферралит, Инди деңизин жээктей күңүрт түстөгү силитозём топурактары мүнөздүү. Флорасынын курамында татаал өсүмдүктөрдүн 6000 түрү бар; алардын 150дөн ашуун түрү сейрек ж-а жоголуп бараткандар. Токой ж-а сейрек токой өлкөнүн аймагынын 30%ин ээлейт. Эң кургакчыл түн. ж-а түн.-чыгыш бөлүктөрүнө тикендүү токой ж-а бадалдар, ксерофилдик сейрек токой мүнөздүү. Алар түштүктү карай өлкөнүн басымдуу бөлүгүн ээлеген чөлдөшкөн саваннага (ньикага) өтөт. Өлкөнүн нымдуу батыш бөлүгүндө негизинен экинчи жолку өскүлөң саванна ж-а парк сымал тараган токой басымдуу. К-нын борб. бөлүгүндө баалуу дарактарга бай дайыма жашыл нымдуу тоо токою, Кения ж-а Элгон тоолорунун кырларында африка-альп өсүмдүктөрү өсөт. Жээктей мангр токойлору кездешет. К-нын жаныбарлар дүйнөсү өтө ар түрдүүлүгү м-н өзгөчөлөнөт; анда сүт эмүүчүлөрдүн 400дөн, куштардын 1100дөн, сойлоочулардын 360тан,

Саванна.





Богория көлү – аралык маанидеги суу-саздуу жер.

жерде-сууда жашоочулардын 75тен ашык түрү мекендейт. Саванналарда ар түрдүү туяктуулар көп; алар көндөй мүйүздүүлөр (африка буйволу, гну антилопасы, орикс, топи, стенбок, бушбок, жейрен ж. б.), о. эле африка пили, кара керик, жираф, зебра ж. б.; жырткычтардан арстан, кабылан, кара кулак шер, каракал ж. б. кездешет. Саваннанын орнитофаунасына африка тоо кушу, бүркүт-турна, тоодак ж. б. мүнөздүү. Рудольф көлүндө нил крокодилинин эң ири популяциясы бар.

Коргоого алынган көптөгөн табигый аймактар өлкөнүн 6% аянтын ээлейт; резерваттары: Амбосели, Масаи-Мара, Нгонг, улуттук парктары: Маунт-Кения, Найроби, Цаво ж. б.; деңиз фаунасын ж-а коралл рифинин экосистемасын коргоо максатында деңиз акваториясын коргоого алган 11 участок уюшулган. *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине Рудольф көлүндөгү 3 улуттук парк, Маунт-Кения улуттук паркы кирет. Эл аралык маанидеги суулуу-саздак жерге 6 көл киргизилген. 1980-жылдын аягынан баштап К-дагы жоголуп бараткан жаныбарлардын (африка пили, кара керик, хантер бубаласы ж. б.) түрлөрүн коргоо б-ча улуттук программа ишке ашырылууда.

Калкы. К-нын калкынын басымдуу бөлүгү (64,6%) – *бантулар*; алар негизинен өлкөнүн түштүгүн ж-а түш.-чыгышын мекендейт. Батышта нилоттор (калктын 30,4%и), чыгышта ж-а түш.-чыгышта кушиттер жашайт. Арабдар 0,3%ти, Европадан ж-а Америкадан келгендер 0,2%ти, Түш.-Чыгыш Азиядан келгендер 0,5%ти түзөт. Калктын табигый өсүүсү 2,8% (2007). Төрөлүү (1000 адамга 39 бала) өлүм-житимден (1000 тургунга 11 адам) 2 эсе ашык. 15 жашка чейинки өспүрүмдөр 42,1%ти, эмгекке жарамдуу курактагылар (15–64 жаштагылар) 55,3%ти, 65 жаштан ашкандар 2,6%ти түзөт. Калктын орт. курагы 18,6 жыл. Эркектер м-н аялдардын саны тең чамалаш. Күтүлгөн орт. жашы 55,3 жыл (эркектердики 55,2, аялдардыкы 55,4). Калктын орт жыштыгы: 1 *км*^{2} жерге 60,4 адам (2007); Түн.-Чыгыш провинциясында сейрек (11,2 адам), Батыш провинциясында эң жыш (524,9 адам) отурукташкан. Шаар калкы 30%тей. Ири шаарлары (2007): Найроби (3038,6 миң), Момбаса (867,0 миң), Накуру (271,0 миң), Элдорет (239,7 миң), Кисуму (225,5 миң). Адамзат өнүгүүсүнүн индекси 0,521 (дүйнөдөгү 177 өлкөнүн ичинен 148-орунда; 2005).

Тарыхы. К. аймагынан адамзат тарыхынын эң байыркы эстелиги – Кооби-Фора тургун жайы, көп катмарлуу ашель мад-на ж-а неолит дооруна таандык тургун жайлар табылган. 1-миң жылдыктын ортосу ченде К. аймагына *бантулар* отурукташып, эң жөнөкөй дыйканчылык, аңчылык ж-а мал чарбачылык м-н кесиптенишкен, Инди океанынын жээгинде жашагандар соода (пил сөөктөрүн атма куралдарга, кол өнөрчүлүк буюмдарына алмашышкан) кылышкан. 7–8-к-да суахили этностук жамааты калыптанып, арабдар м-н алакалашып турган, 9–10-к-да шаар-мамлекеттер (Манда, Пате, Малинди, Момбаса, Ламу шаар-архипелагы ж. б.) пайда болуп, ислам дини тараган. 15-к-дын аягында шаар-мамлекеттерди португалдар басып алган. 1696–99-ж. К. жээктери Оман имамынын карамагына өткөн. 1741-ж. Момбасада уюшулган жерг. Мазруи араб-суахили кланы көз карандысыздыгын жарыялап, К. жээк аймактарына бийлигин орноткон. 19-к-дын башында Ламу ж-а Патеде Оман бийлиги калыбына келген. 1861-ж. К. жээктери Занзибар султандыгынын курамына кирген. 19-к-дын 1-жарымында К-да Европа мамлекеттеринин, баарынан мурда Улуу Британиянын экспанциясы башталган. 1886-ж. Улуу Британия м-н Германиянын ортосунда Чыгыш Африканы бөлүштүрүү ж-дө түзүлгөн келишимдин негизинде К-нын көп бөлүгү Улуу Британияга караган. К-нын бүткүл аймагы «британ королунун менчиги» деп жарыяланып, К-ны колониялоо күчөгөн. 20-к-дын башында европ. келгиндер мыйзамдуу түрдө жер ээси болушкан. Африкалыктар европалыктардын жеринде ижарачы катары гана жашап, алардын үлүшү 1 *га*дан ашкан эмес. К. калкынын колониячыларга көрсөткөн катуу каршылыктарын британдык жазалоо экспедициялары аёосуз басып турган. 1920–40-жылдары К-да уюмдашкан алгачкы саясий кыймыл пайда болгон. 1924–25-ж. Кикуйю ассоциация борбору, 1944-ж. К-лык африкалыктар союзу (КАС) түзүлүп, европалыктар тартып алган жерди африкалыктарга кайтарып берүүнү талап кылган. 1952-ж. октябрда К-га британ. аскер күчтөрү киргизилип, колония саясатына каршы чыккан куралдуу көтөрүлүштү баскан (1957). КАСка тыюу салынып, лидерлери камалган. Бирок Улуу Британия К-га айрым жеңилдиктерди (жумушчулардын эмгек акысы көтөрүлгөн, саясий партиялардын ишине, африкалыктарга шайлоого катышуу укуктары берилген ж. б.) берүүгө аргасыз болгон. 1960-ж. К-лык африкалыктардын улуттук союзу (КАУС) түзүлгөн. 1963-ж. 1-июнда Ж. Кениата жетектеген К-нын биринчи

КЕНИЯ



өкмөтү уюшулган. 1963-ж. 12-декабрда К. көз карандысыз мамлекет, 1964-ж. 12-декабрда Шериктештик курамындагы респ. болуп жарыяланган. Өлкө президенттигине Ж. Кениата, вице-президенттигине А. О. Одинга шайланган. Өлкөдө экон. ж-а агрардык реформалар жүргүзүлгөн. 1970-ж. коомдук-саясий иштердин бардык түрү мамл. көзөмөлгө өтүп, парт. ж-а мамл. аппараттар биригип, Кениатанын жеке бийлиги чыңдалган. 1978-ж. Кениата өлгөндөн кийин Д. Т. арап Мои К-нын президенти ж-а КАУСтун төрагасы, М. Кибаки вице-президенти болуп дайындалган. 1982-ж. Конституцияга өзгөртүүлөр киргизилип, өлкөдө бир партиялуу систе-

тема орун алган. 2002-ж. оппозициялык партиялардын Улуттук коалициясы (лидери М. Кибаки) түзүлүп, 2002-ж. 27-декабрда президенттик шайлоодо жеңиш чыккан. М. Кибаки ЭВФ ж-а Бүткүл дүйнөлүк банк м-н кызматташып, өлкөгө акысыз бастапкы билим берүүнү киргизген. 2003–05-жж. оппозициялык партиялардын коалициясы Р. Одинга (А. О. Одинганын уулу) жетектеген Сан кызыл демокр. кыймылына (СДК) бириккен. 2007-ж. президенттик шайлоо алдында Кибаки Улуттук биримдик партиясын (УБП) түзүп, шайлоодо жеңишке жеткен. Бирок оппозиция президенттик шайлоонун жыйынтыктарын жокко чыгарып, кайра шайлоо өткөрүү талаптары м-н элди массалык каршылык көрсөтүү акциясына чакырган, натыйжада бир миңден ашык адам өлүп, 300 миңдей адам үй-жайсыз калган. БУУнун мурдагы генералдык катчысы К. Аннандын күч-аракети м-н 2008-ж. февралдын аягында саясий кризис жоюлган. Апрель айында СДК ж-а УБПнин өкүлдөрүнөн коалициялык өкмөт түзүү ж-а Одинганы премьер-министрликке дайындоо ж-дө макулдашууга жетишилген.

Чарбасы. ИДПнин көлөмү 57,7 млрд доллар (2007), аны киши башына болуштүргөндө 1600 доллардан туура келет. ИДПнин накта өсүүсү 6,3%. Тейлөө чөйрөсүндө ИДПнин 59,5%и, а. ч-нда 23,8%и, ө. ж-нда 16,7%и түзүлөт. Ө. ж-нда минералдык сырьёлорду өндүрүүнүн мааниси зор: флюорит (экспорттун 17%и), сода (наркынын 63%и), алтын (11%, 616 *кг*), баалуу таштар (рубин, сапфир, турмалин, аметист). О. эле Магади көлүнөн ж-а Инди океанынын жээгинен таш туз казылып алынат. Электр станцияларынын аныкталган кубаттуулугу 1,1 миң *МВт*тан ашык (2005). Өндүрүлгөн электр энергиясынын олчому 5,5 млрд *кВт·с*, өлкө ичинде керектелгени 4,5 млрд *кВт·с* (2005). Он ЖЭС, Тана д-нда ГЭС, Найваша көлүнөн түштүктө геотермиялык ЖЭС иштейт. Кара металлургия импорттук сырьёнун негизинде: 4 болот прокат з-ду, цинктелген болот тунике, галваника өндүрүшү иштейт. Автомобиль кураштыруу ишканалары, нефть иштетүүчү з-д (импорттук сырьё) бар. Химия ө. ж. кальцийлештирилген сода, автомобиль ж-а велосипед шиналарын (импорттук каучуктан) чыгарат. Жыгач иштетүүчү, эмерек даярдоочу ишканалар, өлкөдөгү эң ири целлюлоза-кагаз комбинаты, курулуш материалдар ишканалары иштейт. Цементтик ж-а курулуш акиташ теги, гранит, сланец, каолин, гипс, айнек ж-а курулуш куму ж. б. казылып алынат. Ири цемент з-ддору иштейт. Текстиль, булгаары-бут кийим, тамак-аш (эт-сүт, ун, кант, суусундук, пиво, чай, кофе), тамеки чыгаруучу ө. ж. ишканалары өнүккөн.

Агр. өндүрүшү өлкөнүн экономикасында маанилүү орунду ээлейт; ал негизинен экспорттук багытта. Өлкөнүн аймагынын 8%тен ашык аянтын айдоо жер, 40%тейин жайыт ээлейт. А. ч-га жарактуу жери негизинен өлкөнүн борб. ж-а батыш бөлүктөрүндө; К-нын түш.-чыгышындагы жээк түздүктөрү дүйнөдөгү чай өндүрүүчү бирден бир регион болуп саналат (2005-ж. 295 миң *т* чай жалбырагы жыйналган; ал б-ча К.



Чай плантациясы.

дүйнөдө 4-, Африкада 1-орунда); 90%и экспортко чыгарылат. Экспорт үчүн о. эле бал камыш, жүгөрү, буудай, кофе, сизаль, пахта, пиретрум (К. дүйнө өлкөлөрүнүн 70%ке чейинки муктаждыгын камсыз кылат), ички керектөөгө картошко, маниок, ананас, батат, жашылча, плантейн (жашылча банан), ак жүгөрү, таруу өстүрүлөт. Африкадан экспортко чыгарылуучу гүлдүн 60%и К-га таандык (негизинен роза, чеге гүл). 2004-ж. 26 млн үй кушу, 12 млн бодо мал, 12 млн эчки, 10 млн кой, 830 миң төө, 415 чочко болгон. Балык кармалат. Жыгач даярдоо өнүккөн; тез өсүүчү даректар (кипарис, кызыл карагай, бал карагай (кедр), эвкалипт ж. б.) өстүрүлөт.

Тейлөө чөйрөсүнүн туруктуу өнүккөн тармагы – чет элдик туризм (дарылоо-ден соолукту чыңдоочу – Инди океанынын жээгиндеги кумдуу пляждар, экол. – улуттук парктарды ж. б. кыдыруу); ал валютанын негизги булагы болуп саналат. Жыл сайын К-га 1 млнго жакын турист (негизинен Улуу Британия м-н Германиядан) келет; туризмден түшкөн киреше 600 млндон ашык долларды түзөт. Банк-кредиттик система Кения Борб. банкын, 50дөн ашык коммерциялык банкты, Британия банктарынын филиалдарын камтыйт. Найробиде өлкөдөгү эң чоң биржа иштейт (1954-жылдан).

Транспорт тармагы өнүккөн; автомобиль жолунун уз. 63,3 миң *км*, т. ж-нуку 2,8 миң *км*. Негизги т. ж. магистралы – Момбаса – Найроби – Тороро (Уганда м-н чек арасы). Негизги порттору: Момбаса, Кисуму (Виктория көлүнүн жээгинде). Найроби, Момбаса, Элдорет ш-нда эл аралык аэропорттор бар. Продукту өткөргүч куу-ру (уз. 894 *км*) Момбаса ш-ндагы нефть кайра иштетүүчү з-ддон Найробиге (андан ары Накуру аркылуу Элдорет, Кисумуга) чейин созулат.

Өлкөнүн экспортунун наркы 3,8 млрд, импорттунуку 7,6 млрд доллар (2007). Экспорттук не-





Кениянын акчасы – шиллинг.

гизги продукциялары: чай (наркынын 20%и), гүл, кофе, пиретрум, бал камыш, балык, цемент, минералдык сырьёлор (негизинен флюорит, сода, асыл таш сырьёлору). Экспорт б-ча негизги соода шериктери (2006): Уганда, Улуу Британия, АКШ, Нидерланд, Танзания, Пакистан. Бириккен Араб эмирликтеринен, Индия, Кытай, Сауд Арабиясынан, АКШ, ТАР, Улуу Британия, Япониядан машина, жабдуу, транспорт каражаттарын, нефть ж-а нефть продуктуларын, химия ө. ж. продукцияларын сатып алат.

Маданияты. К-нын билим берүү системасы мектепке чейинки мекемелерди (3 жаштан 5 жашка чейин), милдеттүү түрдө акысыз башталгыч мектептерди (8 жылдык), орто мектептерди (4 жылдык), кесиптик-тех. окуу жайларды ж-а ЖОЖдорду камтыйт. Калктын сабаттуулугу 15 жаштан жогору 59,2% түзөт (2005). Кесиптик-тех. окуу жайлар, политех., пед., юрид., мед. ж. б. коллеждер (ин-ттар), ил. мекемелер, ЖОЖдор, китепкана ж-а музейлер негизинен Найроби, Момбаса, Элдорет ж. б. ш-да жайгашкан. Негизги ЖОЖдор: Нжородогу Эжертон ун-ти (1939), Элдореттеги Мои ун-ти (1984); Момбасада Калк китепканасы (1903), Кисум, Китал, Ламу ж. б. ш-да К. улуттук музейинин филиалдары, Руируда кофе (1949) ж-а Керичодо чай (1951) изилдөө, Тикеде Багбанчылык улуттук изилдөө (1955) борборлору бар.

Жумасына «Kenya Gazette» (1898-жылдан) өкмөттүк басылмасы ж-а күнүгө «The Standart» (1902), «Daily Nation» (1959), «Kenya-Times» (1983), «Peopler's Daily» (1992) гезиттери англис, «Taifa Leo» (1960), «Taifa Kenya» (1958) ж. б. гезиттери суахили тилинде чыгат. Өкмөттүк маалымат агенттиги – Kenya News Agensy (KNA, 1963-ж. түзүлгөн). 1927-жылдан радио уктуруу, 1962-жылдан телеберүү иштейт.

К-нын а д а б и я т ы суахили ж-а англис тилдеринде өнүккөн. 17–18-к-да алгачкы жазма (негизинен баатырдык, диний, дидактикалык поэмалар) эстеликтер суахили тилинде пайда болгон. Акындар Муяка бин Хаджи аль Гассани ж-а Мван Купондун чыг-лыгы 19-к-га таандык. Суахили прозасы 20-к-дын ортосунан калыптана баштап, Ж. Н. Сомба, А. Жемаадара, С. Вамбуранын повесттери жаралган. 1952–56-ж-дагы Мау-Мау көтөрүлүшү П. Кареитанын «Белгиси жок мүрзө» (1969), П. Нгаренин «Өзүн айык» (1975), К. Сьямбонун «Жамандыктын кучагында» (1976) тарыхый романдарында чагылдырылган. 1970–80-жылдарда детектив жанры (З. Бурхани, С. Омар Саид чыгармалары) пайда болгон. Социалдык проблемалар Г. Левинин «Ачуунун кесепети» (1981) романында чагылдырылган. К-да англис тилиндеги ад-т 20-к-дын 1-жарымынан калыптанган: Парменас Мокери, М. Коинанге, Ж. Кениата, М. Гикару ж. б. Нгуги ва Тхионго, Ч. Вачиума, А. М. Иманьяра, Л. Нгуйи ж. б. тарыхый темага кайрылышкан. Ю. Давуддин реалисттик прозасы, о. эле саясий роман (В. Мутаха, Ф. Генга-Идова) ж. б. кенири белгилүү болгон. 1960-жылдардан англис тилиндеги поэзия өнүгө баштап, анда социалдык, саясий, филос. лирика басымдуулук кылган. 1971-жылдан Найробиде «Африкалык акындар» сериясында антологиялар ж-а ыр жыйнактары жарык көргөн. «Өрөөндөгү жаңырык» (2000) деген чыгыш-африкалык поэзиянын антологиясында И. Макоха-Накайо, Н. Алусала, О. Орвенжо ж. б. К. акындарынын чыгармалары камтылган.

К. аймагында о. кылымдарга таандык археол. эстеликтер (таштан курулган мал короо, үстүнө таш үйүлгөн мүрзөлөр, сугат каналдарынын издери ж. б.) сакталып калган. 7-к-да араб тибинде салынган Геди, Малинди, Унгвана, Мнарани, Таква, Момбаса ж. б. ири шаарлар пайда болгон. Чарчы түрдөгү мечиттер курулган. Имараттарды курууда коралл ташы ж-а кызыл чопо колдонулган. 16-к-га таандык Момбасадагы Иисус форту ж-а Малиндидеги Васко да Гаманын таш колоннасы сакталган. 20-к-да Найроби ж. б. ш-да европ. стилдеги имараттар, коттеждер, виллалар тургузулган. Арх-ралык курулуштарды европалыктар жетектеген. К-лыктар жыгачтан, чоподон (маска, статуэтка ж. б.) ар кандай буюмдарды жасап, оймо-чийме түшүрүшөт.

К. муз. мад-тынын негизин банту, нилот, кушит, суахили элдеринин салты түзөт. Ата-бабасынан бери музыкант болгондорду көз ачыктар деп жогору баалашкан. К. музыкасына араб, инди, колониялаштыруудан баштап европа

музыкасы таасир тийгизген. 19-к-дын аягынан шаарларда аскердик үйлөмө оркестр, жаз-банд, муз. ансамблдери, 20-к-дын ортосунан амер. музыка ж-а кубалык румба, бенга кенири тараган. Белгилүү музыканттар: М. Ж. Боско, О. Кайамба, Л. Гутуту, Ж. Самбу, Д. Катуга ж. б. 1960-жылдардан К. улуттук муз. мад-тка мамлекет колдоо көрсөтөт. Мектеп программаларына музыка ж-а бий сабактары кирген. 1974-ж. Кениянын ун-тинин алдында муз. мектеп ачылган. Улуттук муз. салтты «Кения жыландары» ыр ж-а бий ансамбли, «Муунгано» улуттук хору өнүктүрөт. К. улуттук музыка изилдөөчүлөр – Х. О. Аньюмба, В. А. Омонди. К-да муз.-бий ансамблдери арбын. 1948-жылдан Найробиде Д. Маул негиздеген англис театры иштейт. 1952-ж. Найробиде Улуттук театр, 1997-ж. «Гаара» бий тобу түзүлгөн. 1963-ж. К. өз алдынчалыкка ээ болгондо Найробиде жаңы театр коллективдери пайда болгон, а. и. «Чемчеми» труппасы эң белгилүү, негиздөөчүсү ж-а жетекчиси – Э. Мпахлеле. 1970-ж. Улуттук театр труппасы түзүлгөн.

Ад.: *Филатова И. И.* История Кении в новое и новейшее время. М., 1985; Африка. Энциклопедический справочник. М., 1986; *Матвеева Н. Ф.* Кения. Справочник, 3-е изд. М., 2004; Кения // Большая Российская энциклопедия. Т. 13. М., 2009.

Ө. Бараталиев, Ш. Керимова.

КЕН КАЗУУ – жер кыртышындагы кен байлыктарды орун алган жеринен бөлүп алуу иштери. Кендин геол. шартына, физ.-мех. касиеттерине жараша бир топ ыкмалар колдонулат. Адам күчү, механизмдерди колдонуу, жардыруу, физ. ж-а хим. жолдор м-н казып алуу. Көмүрдү казып алууда катмарлардын жайгашуусуна, калыңдыгына, түзүлүшүнө көңүл бөлүнөт. Адегенде көңдөйлөп, тилке жасап, катмардын калган бөлүгү талкалоочу балка же жардыруучу зат м-н талкалап уратылат. Бургулап жардыруу ыкмасы да колдонулат. Мында майда шнурлар ж-а терең скважиналар аркылуу жардырылат. Камералык дүрмөт минасы да пайдаланылат. Жер үстүнөн кенди казуу иштери экскаватор, бульдозер м-н ишке ашырылат. Катуу, бек кенташтарды казууда, адегенде, бургулап жардырылат. Тоо тектерди бөлүктөргө бөлүп талкалайт. Борпоң кендер гидромеханизмдер м-н казып алынат. Кесек тектерди, талкаланган кендерди драга, топурак соргуч, гидромонитор м-н өндүрүп, күчтүү экскаваторлор колдонулат. Нефть м-н газ терең бургулоо скважиналары аркылуу өндүрүлөт. Көмүрдү жер астынан күйгүзүп, газга айландырып, газын алса болот. Кээ бир кендер жер астында эритүү жолу м-н өндүрүлөт.

Ад.: *Шевяков Л. Д.* Разработка месторождений полезных ископаемых. М., 1963.

КЕН КАЗУУ СИСТЕМАЛАРЫ – кен байлыктарды жер кыртышынан казып алууда колдонулуучу системалар; кен казуу, өткөөлдөө тартиби. Эгерде система так, туура, технологияга ылайык колдонулса, коопсуздук камсыздалып, кырсыктар болбойт. Экон. талаптар так аткарылып, кендер ысырапка учурабайт. Система кендин орун алган турпатына, чоңдугуна, өлчөмүнө, жайгашуу тартибине байланыштуу келет. Кен турпатына, формасына жараша катмарларга, тарамдарга, чачыранды түрлөргө бөлүнөт. Калыңдыгы бир нече *мм*ден жүздөгөн *мг*е жетет. Жайгашуу тартиби жантаюу бурчу м-н аныкталат. Системаны тандоодо пайдалуу кендер м-н жанаша жаткан тектердин физ.-мех. касиеттери, жер астындагы суулар, газдар, чаңдар, газдар м-н чаңдардын жарылуусу эске алынат. Өндүрүш процессинин механикалаштырылышы чоң роль ойнойт. Пайдалуу кендерди казып алгандан кийин жер астында боштуктар, көңдөйлөр пайда болот. Мындай боштуктардын тийгизген таасирине жараша К. к. с. төмөнкүдөй үч түргө бөлүнөт. 1) казылып алынган боштуктардын арасында иштөө; 2) казылып алынган боштуктарды толтуруп иштөө; 3) казылып алынган боштуктардын үстүндөгү тектерди уратып иштөө. К а т м а р л у у кендерди иштетүүдө кендин калыңдыгы м-н жантаюу бурчу эске алынат. Тегиз жаткан жука катмарлар узатасынан созулуп жаткан мамыча система жолу м-н казылат. Калың катмарларда кабаттарга бөлүү же бөлбөй эле казып алуу системасы колдонулат. Ч а ч ы р а н д ы кендер жер бетинен орун алгандыктан, ачык жол менен казылып алынат. Эгерде жер кыртышынын терең бөлүгүнөн орун алса, мамы системасы колдонулуп, казылып алынган боштуктардын үстү уратылат. Өтө калың кенташтарды казып алып жатканда тоо тектерден тирөөч калтырылат, бекитүү, толтуруу, уратуу, кенташты магазиндөө, комбинациялоо иштери жүргүзүлөт.

КЕН КАЗУУ ЫКМАЛАРЫ – кен байлыкты казып алууга даярдоо, казып алуу, жүктөө, ташуу жумуштары. Чалгындоо иштери жүргүзүлгөн, тех.-экон. шарты аныкталган, казып алууга ылайыкталган учурда тоо-кен ишканаларын, турак-жай, маданий-тиричилик мекемелерин, ар кандай курулуштарды куруу маселелерин ишке ашыруу ыкмалары. Кендин тибине, өлчөмүнө, орун алган шартына, казмалардын түрүнө, сапаты м-н ө. ж-лык запасына жараша көптөгөн тоо-кен ишканалары (шахта, рудник, карьер) ишке киргизилет. Шахта же карьер талаасы аныкталат. Шахта талаасы өз ичинен кабаттарга, панелдерге, блокторго бөлүнөт. Өткөөлдөр даярдалат. Бекиткичтер тургузулат, кендерди тоо тектеринен бөлүү, тазалоо иштери жүргүзүлөт. Кен казылып алынгандан кийин анын ордунда пайда болгон боштуктар да пайдаланылат. Мында үңүлмөгө жакын жердеги жумушчулар м-н жабдуулар жайгашкан боштук үңүлмө жанындагы жумушчу боштугу деп аталат. Жу-

мушчу боштугунун айланасындагы тектердин жылып же урап кетүүсүнөн сактануу үчүн тоокен басымы аныкталат. Боштук бекитилет, уратылат. Жер астында иштөө үчүн атайын механизмдер колдонулат. Казылган кендер кулап түшөт же вагондорго жүктөлөт. Анан стволдогу аянтка жеткирилет. Конвейерлер м-н ташылат. Көтөргүч механизмдер ствол аркылуу сыртка чыгарат.

Ад.: *Белоусов В. В.* Структурная геология. М., 1986; *Круть И. В.* Развитие общенаучных оснований геологии. М., 1995; Месторождение металлических полезных ископаемых. 2-е изд. М., 2005; *Старостин В. И., Игнатов П. А.* Геология полезных ископаемых. 2-е изд. М., 2006.

КЕН КАЛДЫГЫ – пайдалуу кендерди жер астынан казып алууда баланстык запастын өндүрүлбөй калган бөлүгү. Жалпы шахталык ж-а эксплуатациялык калдыктардан турат. Ж а л п ы ш а х т а л ы к калдыктарга казма арасында калтырылган мамылар, капиталдык иштердин чет-жакалары, скважиналар, шахта талааларынын чегиндеги тосмо мамылар, турак-жайлар, тех. ж-а чарбалык курулуштар, коммуникациялар, суу каптаган жерлердин, корукчалардын алдында калган кендер кирет. Э к с п л у а т а ц и я л ы к калдыктарга массивдеги (казмалардын арасындагы мамылар, үстүнкү ж-а астынкы капталда калгандар, кендин ичкерип, жукарып кеткен бөлүктөрү, өрт чыккан, суу толгон, ураган участкалар, тектон. жаракалар) ж-а массивден тышкары (курамында кен өтө аз кездешкен тектер, көмүлгөн, суу толгон, талкаланып ураган участкалар, жүктөөчү, ташуучу, жыюучу, сорттоочу жерлердеги) калдыктар кирет.

КЕ́ННЕДИ Жон Фитцжералд (29. 5. 1917, Бруклин, Массачусетс штаты – 22. 11. 1963, Техас, Даллас) – мамл. ж-а саясий ишмер, АКШнын 35-президенти (1961–63), миллионер католиктин үй-бүлөсүнөн. 1940-ж. Гарвард ун-тин бүтүргөн. 1941–45-ж. АКШ АДФте флот офицери, 1947–61-ж. АКШ демокр. партиясынан АКШ Конгрессинин өкүлдөр палатасына мүчө, 1953–61-ж. Массачусетс штатынан Сенаттын мүчөсү, Президент катары социалдык-экон. реформалардын чектелген программасын сунуш кылган. Согуштук блокторду ж-а АКШнын куралдуу күчтөрүн чыңдоого аракеттенген, о. эле дүйнөдөгү күчтөрдүн өз ара катышынын өзгөрүшүн эске алып, СССРге реалдуу мамиле жасоого үндөгөн. АКШнын реакциячыл чөйрөлөрү Далласта [illegible]сып өлтүрүшкөн.



КЕ́ННЕДИ ТУМШУГУ ([illegible]-ж. чейин – К а н а в е р а л т у м ш у г у [illegible]КШда, Флорида ж. а-нын чыгышында. К. т[illegible] ракета тех. сыноо ж-а космос кораблде[illegible]учуруу иштери жүргүзүлөт. Тумшук А[illegible]ын президенти Ж. Ф. *Кеннединин* ысмын[illegible]талган.

КЕНОТА́Ф (гр. kenótaphion [illegible]ош мүрзө) – сөөк коюлбаган мүрзө. К. Еги[illegible], Грекия, Рим, О. Азия ж. б. жерлерде маркумду (башка жерде өлсө) көмүүгө мүмкүн болбой калганда жасалган.

КЕН САПАТЫ – кендин геол., тоо-кен-технол., ө. ж-лык өзгөчөлүктөрү, комплекстүү баалуулугу, эл чарбасында үнөмдүү пайдалануу натыйжасы. Сапат геол. чалгындоо ишиндеги жетишкендиктерге байланыштуу. Кендин запасын эсептөөдө анын геол. өзгөчөлүктөрү эске алынат. Кондициянын негизинде запасы эсептелет. Ө. ж-дын жылдык өндүрүмдүүлүгү, товардык продукциянын толук өндүрүлүп алынышы, пайдалануусу, кирешелүүлүгү, кирешеси, капиталдык чыгымдар, капиталдык салымдардын жалпы суммасы ж-а чыгымдарды кайтарып алуу мөөнөтү, салыктын кирешелүүлүгү каралат. К. с. геол. чалгындоо иштеринин бардык этаптарында аныкталат. Издөө-баалоо маалында кендин запасы, сапаты, капиталдык салымдар болжол м-н эсептелет. Андан кийин болжолдуу чалгындоо иштери жүргүзүлгөн. Запас эсептөө кондициясы иштелип чыгат. Тех.-экон. баяндама (ТЭД) даярдалат. Анан так, толук чалгындоо жүргүзүлүп, кондициясы иштелип чыгат, запасы бекитилет, кен казып алуу долбоору түзүлөт.

КЕН СЫНОО – казылып алынуучу кендердин касиеттери м-н сапатын аныктоо ыкмалары. Кендин хим. ж-а минералдык курамын, физ.-мех. касиеттерин, казылып алынышын, технол. жактан иштетүү, ылгоо өзгөчөлүктөрүн, өлчөмү м-н запасын аныктоо жолдору. Геофиз., минерал., хим., технол. ыкмалар колдонулат. Г е о ф и з и к а л ы к ы к м а м-н кендин сапаты, кээде өлчөмү аныкталат. М и н е р а л о г и я л ы к ыкмада кендин ар кайсы жеринен сынамык алып, курамы, касиеттери, сапаты лабор. жол м-н изилденет. Катуу тектерден сынамык борозд, штуф, кырма, чукума, бургулоо ж-а дүн алынат. Кенташтагы баалуу кендин бардык өзгөчөлүктөрү текшерилет. Борозд түрүндө сынамык алуу кеңири колдонулат. Борозддун эни 5–20 *см*, терендиги 3–5 *см*ге жетип, кенташтын туурасы б-ча жүргүзүлөт. Чегилип алынган материал сынамык болуп эсептелет. Борозддун уз. кенташтын туурасына жараша 1 *мг*е жеткен бир нече сынамыктан турат. Салмагы бир нече *г*дан

(штуф) ондогон *т*га (технол. сынамык) жетет. Сынамыкты таш талкалоочу тегирменде упадай майдалайт. Анан атайын түзүлгөн схема б-ча бир нече жүздөгөн *г* үлгү алат. Аны изилдөө үчүн лабор-га жөнөтө[illegible]. К. с. кенди издеп чалгындоодо, экон. жакта[illegible]баалоодо негизги ыкма болуп саналат.

КЕНТ, к е н д [illegible]) эл отурукташкан жер, чон кыштак, шаар[illegible]епил, коргон. Согд жазууларында ж-а ара[illegible]огр. эмгектеринде «кат» түрүндө жазылы[illegible]үй» маанисин берген. «Кент» («кат») байырк[illegible]термин катары бүтүн О. Азияда, о. эле Чыгы[illegible] Түркстанда, Иран ж-а Афганстанда энчилүү ат катары кеңири таралган. «Кат» түшүнүгү хинд-европа, финн-угор, монгол тилдеринде да пайдаланылат (мис., украинче «хата» түшүнүгү да «кат» сөзүнөн алынган). «Кент» энчилүү аттарда да «кан», «кенд», «кат» түрүндө кездешет. Кырг-нда Ноокат, Торкент, Ноокен, Өзгөн (Узкендт), Бешкент ж. б., О. Азияда Чымкент, Ташкент, Самарканд ж. б. белгилүү.

КЕНТАШ, р у д а – курамында казып ж-а бөлүп алууга жарактуу металлдар же алардын бирикмелери бар минералдардын табигый чогундусу. Өз ичинен металл ж-а металл эмес К. болуп эки түргө бөлүнөт. Металл эмеске асбест, барий, күкүрт, графит, корунд ж. б. кирет. К-ты түзүүчү минералдардын орун алышына (текстура) жараша нык, катмарлуу, темгилдүү, тарамдашкан, ала-була, жол-жол, чачынды, чаар түрлөрдөн турат. Түзүлүшүнө карата бир өңчөй, текши эмес, бүртүктүү, оолит, порфир сыяктуу түрлөргө бөлүнөт. Катуу, бек тектерде тулку, борпоң чөкмөлөрдө чачыранды деп аталат. Бир эле минералдан турганы – мономинералдуу, көптөгөн минералдардан турса полиминералдуу деп аталат. Курамындагы кымбат баалуу компоненттер б-ча бай, орто, жарды К. делет. Пайда болуу шартына жараша эндогендүү, экзогендүү ж-а метаморфогендүү түрлөрдөн турат. К-тын пайдазыяны технол. сыноолор ж-а салыштыруу жолу м-н аныкталат. Курамындагы эң негизги компоненттердин запасы, өлчөмү, саны, кошулмаларынын зыян келтирбей турган максималдуу саны ө. ж-лык кондиция деп аталат. Ал К-ты казып алуу мүмкүнчүлүгүн аныктайт.

Ад.: *Вольфсон Ф. И., Дружинин А. В.* Главнейшие типы рудных месторождений. М., 1982.

КЕНТАШ ЗОНАЛАРЫ – курамында кенташка мүнөздүү минералдар кездешкен тарам, уюк, линза – бир нече тилкеден турган тоо тектердин узатасынан созулуп жатышы. Ар бир зона өзүнө ылайыктуу турпатка, түзүлүшкө ээ болуп, өз алдынча минералдар комплексинен турат.

КЕНТАШ КАЛДЫГЫН САКТОО ЖАЙЫ, х в о с т о х р а н и л и щ е – радиоактивдүү, уулуу ж. б. заттардын калдыктарын сактоого ылайыкталган жайлар комплекси. Ал ишканалардан (тоо-кен, кендерди байытуу, атом станциялары ж. б.) бир нече *км* аралыкта курулуп, ойдундарда ж. б. жерлерде жайгашат. Түрлөрү: түздүктү, карьердик (Кум-Тор), шахталык ж. б. К. к. с. ж-нда өтө уулуу заттар металл капсулаларында (челектерде), ал эми радиоактивдүүлөрү айнектелип же цементтелип, жер алдындагы жайларга көмүлөт. Мындай жайлар жер астындагы суулардан ж. б. чектелүү болуш керек. Эски К. к. с. ж-лары курчаган чөйрөгө экол. кооптуулукту жаратышы мүмкүн. Анткени андагы радиоактивдүү, уулуу ж. б. заттар чөйрөгө кандайдыр бир себептерден (табигый кырсык ж. б.) чыгышы мүмкүн. Айрым учурда К. к. с. ж-нын технол. таштандылары ири тоннаждуу сырьё да болот. Кырг-нда К. к. с. ж-лары Ак-Түз, Орловка, Майлы-Суу ж. б. жерлерде бар.



Майлы-Суудагы радиоактивдүү таштандыларды сактоо жайы.

КЕНТАШ КЕНДЕРИ, р у д а к е н д е р и – өлчөмү, сапаты, ордуна жараша казып алууга ыңгайлуу кенташтар. Жер кыртышынын терең бөлүгүндөгү ж-а жер бетиндеги геол. процесстерден пайда болот. Пайда болуу процесси бир нече баскычтан ж-а этаптан турат. Ар бир баскычта минералдык бирикмелер топтолот, тектон. тыныгуулар жүрөт. Бир ген. процесске (мис., гидротерм кендери) бир нече баскычтуу кенташ мезгили туура келет. Курамындагы металлдардын түрүнө жараша кара, жеңил, түстүү, асыл, сейрек кездешүүчү, радиоактивдүү кендерге бөлүнөт. К а р а м е т а л л д а р г а темир, марганец, хром, титан, ванадий кендери кирет. Бул кендер млрд *т*га жетип, металлдары ондогон процентти түзөт. Ж е ң и л м е т а л л д а р г а алюминий мисал болот. Алюминий боксит кенташынан өндүрүлөт. Т ү с т ү ү м е т а л л д а р г а жез, коргошун, цинк, кобальт, никель, сурьма кирет. Ирилери ондогон, жүздөгөн *т*га жетип, 10%ке чейин металл кездешет. С е й р е к у ч у р о о ч у м е т а л л д а р г а калай, вольфрам, молибден, сымап, бериллий, тантал, ниобий кендери таандык. Ири запастары 100 миңдеген *т*га жетип, металлдары 10%тен ашпайт. Р а д и о а к т и в д ү ү м е т а л л д а р негизинен уран м-н торийдин кенинен турат.

Ад.: *Вольфим Ф. И., Дружинин А. В.* Главнейшие типы рудных месторождений. М., 1982; Месторождения металлических полезных ископаемых. М., 2005.

КЕНТАШ ТАЛААСЫ – геол. түзүлүштөрү бирдей болуп, пайда болуштары бир мезгилге туура келген кенташтуу аймак. Бири-бирине жакын орун алып, окшоштуктары б-ча биригип, өз ара топтошкон кендердин чогундусу. Геол. түзүлүшүнө, генезисине жараша магма, скарн, пегматит, гидротерм, метаморфоген, стратиформ түрлөрүнөн турат.

КЕНТАШ ТАРАМДАРЫ – тоо тектердин жаракаларын ээлеп жаткан минералдык заттардын тулкусу. Жөнөкөй ж-а татаал түзүлүштөн турат. Жөнөкөй түрүнө минералдуу заттар ээлеп жаткан жаракалар кирет. Татаалдары бири-бирин кесип өтөт. Талкаланган аймактары кездешет. Түзүлүшү б-ча даана, көндөйчө, ийилген, тепкичтенген, тарамдашкан турпаттарга бөлүнөт. Тоо тектердин кабаттарын туурасынан жарып өткөндөрү кесүүчү тарам деп аталат. Кабат б-ча тарагандарын катмарлашкан тарам дейбиз. Уз. 1 *м*ден жүздөгөн *км*ге жетет. Кээ бири жукарып, жок болуп кетет. Геол. ж-а жумушчу калындыктан турат. Жумушчу калындыгы бир нече *см*ден ондогон *м*ге барабар.

КЕНТАШ ТУЛКУСУ – кенташтын ар кандай түрдөгү турпаты. Кенташ м-н ага жанаша орун алган тоо тектердин чек арасы акырындык м-н же кескин өзгөрөт. Ошол себептен кенташтын турпатын так аныктоо бир топ кыйын. Мындай учурда сынамык алып, чек арасы такталат. К. т. изометрлүү, жалпак, созулма келет. Изометрлүү турпаты минералдык заттардын бир жерге топтолушунан пайда болот, мис., *шток, штокверк, уя*. Кичинелери 1–3 *м*ден ашпайт. Жалпак түрү – *каттмар, кабат, тарам, линза*. Чөкмө кенташтар жөнөкөй ж-а татаал кабаттан турат. Татаалы тоо тектер м-н аралашып кетет. Тарамдашкан тулку минералдык заттардын жаракаларга топтолушунан же мегасоматоз процессинен келип чыгат. Бир нече тарам биригип, кенташ мамысын түзөт. Линза – тоо буурчак сыяктуу тулку. Эгер кенташ узатасынан созулуп жатса, созулма турпатка ээ болот. Тектон. жаракаларды бойлой орун алат. Жогорку темп-радагы ысык магма, суу буулары, газдардын жарылуусунан жарылуу түтүгү орун алат, мис., Сибирь, Түш. Африка алмаздуу кимберлит түтүгү, к. *Кимберлит*.

КЕНТАШТУУ АЙМАК – ири тектон. түзүлүштордо (антиклинорий, синклинорий, ортонку массив, калкан, синеклиза, терең жарака ж. б.) кездешүүчү, бир түрдүү генезистеги, бир же бир нече *кенташ* кендери орун алган аймак. Бир топ К. а. биригип, кенташтуу провинцияны түзөт. Бүктолүүлөр кездешкен жердеги тектон. терең жаракалар м-н байланышта болуп, узатасынан созулган кенташ курчоосуна айланат. Курчоонун уз. миңдеген *км*ге, туурасы жүздөгөн *км*ге жетет. Эгерде аймак кабаттуу түзүлүшкө ээ болуп, өтө зор аянтты ээлеп жатса кенташ бассейни деп аталат (мис., Кривой Рог темир кендүү бассейни). К. а. пайда болуу мезгилине, геол. түзүлүш өзгочолүгүнө, тектон. процесстерге байланыштуу кенташтуу райондорго, талааларга, зоналарга болүнөт. Бири-биринен геол. түзүлүшү, өзг. чойросу м-н айырмаланган, бирдей фор[illegible]яда, физ.-хим. шартта пайда болгон, кура[illegible] бирдей кенташтан топтолгон аймак кенташтуу район делет. Ал эми бирдей геол. түзүлүштөгү, бир мезгилде пайда болгон, бири-бирине жакын жайгашкан кенташтардын чогундусу кенташ талаасын түзөт. Кенташ талаалары геол. түзүлүшүнө, генезисине жараша темонку топторго бөлүнөт: *магма* кендери, *скарн* кендери, *пегматит* кендери, *гидротермдүү* кендер, *метаморфизм* кендери, *стратиформдуу* кендер. Курамында кенташ минералдары кездешкен тарамчалар, линзалар, үюктар ж. б. созулуп жаткан тоо тектер тилкеси кенташ зонасы деп аталат.

КЕНТАШТЫ ТАЗАЛОО – кен байлыктарды жер астынан казып алып жатканда *кенташты* тоо тектерден, кошундулардан, таштандылардан арылтуу. Өз ичинен кенташты тоо тектер м-н бирге (дүн) ж-а ар бирин өз алдынча (селектор) казып алуучу түрлөргө бөлүнөт. Мында кенташты тоо тегинен бөлүп казуучу казма – тазалоочу казма, үңүлмөсү – тазалоочу үңүлмө, кенташтарды тазалап, өз алдынча бөлүп алгандан кийин пайда болгон бөштүк тазаланган бөштүк деп аталат. Чоң кенташтарда бургулап жардыруу комплекстүү жүргүзүлөт. Натыйжада кенташ кесек болукчолорго бөлүнүп талкаланат. Жер астынан көмүрдү сорттоп бөлүүдө комбайн, конвейер, жүктөгүч, скрепер, экскаватор, механикалашкан бекитмелер колдонулат.

КЕНТАШ ФОРМАЦИЯЛАРЫ – тектон. ири түзүлүштөгү (антиклинорий, синклинорий, антеклиза, ортонку массив, калкан, терең жаракалар), бирдей генезистеги, бир же бир нече *кенташтан* турган зор аймак. Бир нечеси биригип, кенташтуу провинцияны түзөт. Бүктолүү аймагындагы тектон. терең жаракалар м-н тыгыз байланышта болуп, узатасынан созулуп жатат. Уз. ондогон, миңдеген *км*ге, туурасы бир нече *км*ден жүздөгөн *км*ге жетет. Катмар түрүндө бүтүндөй бир аймакты ээлеп жатса кенташ бассейни деп аталат. Пайда болуу мезгилине, геол. түзүлүшүнө, тектон. процесстерге жараша кенташтуу райондорго, талааларга, зоналарга болүнөт.

КЕНТАШ ЧЫГАРУУ – жарылма заттардын жардамы м-н жардырылган, камеранын ичиндеги талкаланган кенташты сыртка чыгаруу. Ар кандай чондуктагы кесек талкаланган болукчолөр атайын чубуртуп ташуучу түзүлүш м-н жер бетине жеткирилет. Өзү түшүрүүчү машинага, конвейерге да чубуртуп жүктөөчү түзүлүш колдонулат. Кенташтын кесектиги, нымдуулугу, аларды түзүүчү минералдардын физ. касиеттери, кенташты сыртка чыгаруучу түзүлүштүн жазылыгы, өлчө[illegible]ору эмгек өндүрүмдүүлүгүндө чоң роль ойнойт.

КЕНТАШ ЭМИ[illegible]ЕНДЕР – курулуш ишинде, о. ж-дын кээ бир[illegible]армактарында кенири пайдаланылуучу кен[illegible]. Табигый түрдө же мех., термиялык, хим. ж[illegible] м-н кайрадан иштелип чыккан материалдар[illegible]минералдар, тоо тектери). Буга хим. сырьёлор (жер семирткичтер, туздар, күкүрт ж. б.), металлургиялык сырьёлор (чопо, доломит, магнезит, б. а. отко чыдамдуу минералдар, акташ, флюорит, кварцит), курулуш материалдары (курулушта кенири колдонулуучу тоо тектер: гранит, мрамор, туф, кумдук ж. б.), карапа, айнек, калып жасоочу материалдар, минералдык боёктор, бириктирип камдаштыруучу заттар, жылуулук м-н үндү өткөрбөөчү тектер, асыл таштар ж. б. кирет.

КЕНТЕРБЕРИ – Улуу Британиянын түш.-чыгышындагы шаар. Кент графтыгынын аймагында. Англикан чиркөөсүнүн башчысынын резиденциясы. Калкы 49,4 миң (2008). Римдиктер тарабынан 1-к-дын 2-жарымында чеп катары негизделген. Ыйык Августин аббатчылыгы (6–11-к.; өлкөдөгү эң байыркы), Ыйык Мартин чиркөөсү (12-к.; Рим курулуштарынын калдыктарын камтыйт), кафедралуу эң зор епископ собору (1075–77, шаардын үстүнөн көтөрүлүп чыгып турат; уз. 160 *м*) *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. Бул собордо архиепископ Т. Бекет ж-а принц Эдуард (Кара принц) ж. б-дын соогу коюлган. О. кылымда К. китеп миниатюрасынын борборлорунун бири болгон. Кент ун-ти (1965), Королдук музей (1858; сүрөт галереясы), К. Марло театры бар. Булгаары, тамак-аш, электр-тех. ж-а полигр. о. ж. ишканалары иштейт. Туризм өнүккөн.

КЕН-ТОО – Казакстандын түштүгүндөгү шаар. Түш.-Казакстан обл-нун аймагында. Кара-Тоо кырка тоосунун батышында, Түркстан т. ж. бекетинен 40 *км* түн.-батышта жайгашкан. Калкы 61,0 миң (2009). Шаардын азыркы ордунда эл 13-к-да эле отурукташкан. Жез, күмүш ж-а коргошун казылып алынат. Шаар Кантаги, Миргалимсай, Ачысай ж. б. шаарчалардын кошулушунан 1955-ж. пайда болгон. Түстүү металлургия (а. и. цинк з-ду), машина куруу ж-а металл иштетүү (экскаватор, трансформатор ж. б.), жеңил (трикотаж, тигүү) ж-а тамак-аш (а. и. кондитер азыктары), курулуш материалдар (темир-бетон конструкциясы) о. ж. ж-а резина-тех. буюмдар өндүрүшү иштейт. Цемент, кыш ж-а бетон з-ддору курулууда. Шаардын чет-жакасынан полиметалл кендери казылып алынат. К.-т-го жакын жерде Кара-Тоо коругу (2004; Батыш Теңир-Тоонун флорасы м-н фаунасы) уюштурулган.

КЕН ТҮРКҮК, шахта түркүгү – жер бетине тик же жантайып чыгуучу жер астындагы тоо-кен казылмасы; жер астындагы тоо-кен иштерин тейлоо үчүн курулат. Чалгындоочу эксплуатациялык (башкы, жардамчы) ж-а атайын К. т. болот. Негизги К. т. шахтанын борб. аянтчасында жайгашып, жер бетине кенди, ал эми жардамчысы шахтёрлорду, бош тектерди, материалдарды, тетиктерди ташуу үчүн колдонулат. Жардамчы К. т., о. эле шахтаны таза аба м-н камсыз кылуу үчүн да пайдаланылат (вентиляциялык).

КЕН ҮҢҮЛМӨСҮ (забой) – шахтада, рудникте кен казуу, оюп кирүү, алга жылуу иштери. Жер астында пайда болуучу казылманын түбү. Андан ары кен казылып кете берет. Ачык казмаларда казманын конталдары м-н бет маңдайы үңүлмө болуп саналат. Бургулоо иштеринде колонканын тоо тектерди майдалап, талкалап жаткан түбү үңүлмө болот. Андан ары үңүлмө терендей берет.

КЕН ЧАЧЫНДЫСЫ, корум кени – арасында кымбат баалуу минералдар кездешкен борпоң тектер. Нукура тектер м-н кенташтардын физ.-хим. жол м-н талкаланышынан пайда болот. Эгерде кен алгачкы талкаланган жерде топтолсо, элювий, суу агызып бир жерге чогулса – аллювий, деңиз жээгине жыйылса – латериттик болуп болүнөт. Пайда болуу мезгилине жараша азыркы учурдагы (антропоген мезгилиндеги), байыркы убактагы (неоген мезгилине чейинки) түрлөрдөн турат. Орун алып жайгашуусу б-ча ачык (жер үстүндө), көмүскө же жабык (борпоң тектер коомп калган) түрдө кездешет. Алтын, платина, алмаз, циркон, титан, касситерит, шеелит сыяктуу оор салмактагы, физ.-хим. процесстерге туруктуу, оной талкаланбаган минералдар жолугат. Кээ бир кымбат баалуу кендерди ондүрүп алууда зор мааниге ээ. Алмаз, вольфрам, калай кендеринин дүйнөлүк запасынын тени – чачыранды кендер.

КЕНШАНЫК ПОЛИМЕТАЛЛ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нунда, Талас Ала-Тоосунун түш. капталында, Узун-Акмат суусунун алабында. 1932–33-ж. табылган. Кен аймагын доломиттешкен акиташ теги ж-а аны жиреп чыккан гранит-диорит массиви түзөт. Кенташ акиташ тегин жиреп чыккан герцин интрузиясындагы скарнда катмарча түрүндө жатат. Негизги минералдары: галенит, сфалерит, арсенопирит, халькопирит, пирит ж. б. Кен герцин металлогениялык доорунда метасоматоз жолу м-н пайда болгон.

КЕН ЫЛГОО – майда талкаланган тектердин арасынан керектүү металлдарды бөлүп алуу процесси. Металлургиялык же хим. жактан кайра иштетүүгө мүмкүн болгон, экон. пайдалуу зат-

тарды тоо тектерден ажыратуу ыкмасы. Мында минералдардын хим. курамын, структурасын, агрегаттык абалын өзгөртпөй, керектүү заттар бөлүнүп алынат. Процесс гидрометаллургиялык, хим. жол м-н кайра иштетүү аркылуу ишке ашат. Табигый кенден же көмүрдөн керектүү компоненттерди бөлүп алуу экон. жактан пайда бербейт. Техниканын да күчү жетпейт. К. ы. процессинде концентрат ж-а куйрук өндүрүлөт. Кээде концентраттар куйруктардан минералдык бөлүкчөлөрүнүн кесектиги, ирилиги м-н айырмаланат (мис., асбест, антрацит). Эгерде бир нече пайдалуу компонент болуп калса, анда бир канча концентрат алууга болот. Мис., полиметалл кенташынан коргошун, цинк, жез, күкүрт концентраты ылганат. О. эле концентраттын түрдүү сорттору же комплекстүү концентрат өндүрүлөт, мис., жез-алтын же никель-кобальт концентраттары. К. ы. пайдалуу компонентти ылгоо системасын түзүү м-н ишке ашат. Адегенде кенташ майда талкаланат. Материал 20–30 *ммге* чейин тегирменге тартылат. Керектүүлөрүн бөлүп алуу үчүн калбырлар колдонулат. Талкаланган бөлүкчөлөрү үчүн атайын классификатор пайдаланылат. Кенди минералдардын физ.-хим. касиеттерине карай ылгайт. Кесек бөлүкчөлөрдүн өңү-түсүн, жылтырактыгын аппарат аныктайт. Радиоактивдүүлүгү радиометрлик жол м-н такталат. Оордук күчү, тыгыздыгы, салмагы гравитациялык ыкма м-н билинет. Магнит түүлүгүн магнит сепарациясы, электрдик касиеттерин электр сепарациясы аркылуу билүүгө болот. Азыркы кезде гравитация ж-а флотация ыкмалары кеңири колдонулууда.

КЕН ЫЛГОО ФАБРИКАСЫ – ө. ж-да колдонууга жарактуу, тех., экон. жактан баалуу кен байлыкты өндүрүп алуучу тоо-кен ишканасы. Мында түстүү металлдар (жез, жез-никель, коргошун-цинк, вольфрам-молибден, калай), кара металлдар (темир, марганец, хром), металл эмес кендер (фосфор, калий, графит ж. б.) кайрадан иштетилет. Процесс майдалап сорттоо, жуун тазалоо, флотация, гравитациялык, магниттик, комбинациялык ж. б. технол. ылгоолордон турат. Ф-када даярдык көрүүдө (талкалоо, майдалоо, эзип эритүү, сорттоп класстарга бөлүү, күйгүзүү), негизги (гравитациялык, магниттик сепарация, флотация), жардамчы иштер (суусуздандыруу, коюлтуу, кургатуу, тундуруу) жүргүзүлөт. Кен калдыктары (катуу, суюк) кошумча иштетилет. Негизги реагенти м-н калдыгы өзүнчө бөлүнөт. Аба, чаңдан тазаланат. Калдыгы (суу, кум) таштандыга кетет. Реагент (концентрат) бункерге топтолот. Концентратта пайдалуу элементтер канчалык көп болсо, кен ошончолук көп ылганат. Жогорку даражада механикалаштырылган ж-а автоматташтырылган (сигналдашкан, контролдошкон, блокторго бөлүнгөн) ылгоодо кен калдыксыз ылганат.

Ад.: *Разумов К. А., Перов В. А.* Проектирования обогатительных фабрик. М., 1982; *Калмыков А. В., Журбинский Л. Ф.* Борьба с пылью и шумом на обогатительных фабриках. М., 1984.

КЕН ЭЛЕКТРОВОЗУ – тегиз, түз, бир аз энкейиш келген казмаларда тосолгон кенташтарды, көмүрдү, тоо тектерди ташуу үчүн колдонулуучу локомотив. Контакттык ж-а аккумуляторду түрлөрдөн турат. Контакттуу электровоз шахтадагы чакан станциядан өткөн туруктуу токтун жардамы м-н иштейт. Кызманын тобосуно илинген контакттуу зым аркылуу кыймыл аракетке келет. Өзгөрмө ток менен жүрөт. Электр учкунунан жарылуучу газдуу кенге чандуу шахталарда контакттуу электровоз колдонулбайт. Аккумулятордуу түрү энергиясы бир сменага толук жеткен аккумулятор батареясы м-н ишке киргизилет. Батарея шахтадагы чакан станцияда орнотулган түзөткүчтө заряддалат.

КЕҢ-АҢ ТУЗ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Тогуз-Торо р-нунда, Кең-Аң сайынын башталышында, деңиз деңг. 2200–2300 *м* бийикте. Нарын свитачасынын (калыңдыгы 15–35 *м*) туздуу чопо катмарынын арасында 3 *мге* жеткен галит кабаты кездешет. Галит күңүрт түстө, ири кристаллдуу. Хлордуу натрийдин орт. өлчөмү 65,11%. Запасы C_2 категориясы б-ча 175 миң *т*.

КЕҢ-АРАЛ – Талас обл-нун Бакай-Ата р-нундагы кыштак. Кең-Арал айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1625 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Бакай-Ата кыш-нан 32 *км* чыгыш тарапта. Жамбыл (Казакстан) т. ж. бекетинен 110 *км*. Кыштак 1928-ж негизделген. Калкы 2940 (2008); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, ФАП, клуб бар. Соода түйүндөрү, 2 тегирмен, пилорама иштейт.

КЕҢ-АРАЛ ЧОПО КЕНИ Талас обл-нун Бакай-Ата р-нунда, Кең-Арал кыш-нан 1 *км* түш. тарапта, Талас суусунун жээгинде, деңиз деңг. 990 *м* бийикте. 1976-ж. табылган. Кен аймагын антропоген мезгилинде пайда болгон борпоң чокмө тектер түзөт. Пайдалуу катмар бозомтук түстөгү кумайлуу чоподон турат. Калыңдыгы 1,5–14 *м*. Жалпы аянты 6 *га*га жакын. Гранулометриялык курамы: 5 *мм* – 0,72–1,3%, 5–1 *мм* – 0,5–1,02%, 1–0,5 *мм* – 0,53–1,41%, 0,5–0,25 *мм* – 1,79–1,59%, 0,25–0,01 *мм* – 53,43–48,84%, 0,01–0,005 *мм* – 11,79–11,8%, 0,005 *мм*ден майдасы 29,09–34,12%. Ийилгичтиги 5,4–5,55%, суу сиңиримдүүлүгү 19,2–22,3%. Кумайлуу чопо «75», «100» маркасындагы кыш даярдоого жарайт. Запасы B+C категориясы б-ча 378 миң $м^3$.

КЕҢ-БУЛУҢ, К ы з ы л - Т у у – Чүй обл-нун Ысык-Ата р-нундагы кыштак. Кең-Булуң айыл округуна караштуу. Бишкек–Балыкчы автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 765 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кант ш-нан 45 *км* чыгыш тарапта. Ивановка т. ж. бекетинен 10 *км*. Кыштак 1921-ж. негизделген. Калкы 3308 (2007); негизинен дыйкан ж-а фермер чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү, ФАП бар. Соода ж-а тамактануучу жайлар, турмуш-тиричилик кызматынын болүмдөрү иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КЕҢДИК – Жер, Күндүн, Айдын, планеталардын бетинде ж-а асман чөйрөсүндөгү чекиттин абалын каторго салыштырмалуу (эклиптика) аныктоочу геогр. координаталардын бири. Төмөнкүлөр түрлөрго бөлүнөт: астр. К. – берилген чекиттен өтүүчү тик сызык м-н Жер экваторунун тегиздигинин аралыгындагы бурч; геод. К. – референц-эллипсоид бети м-н жер экваторунун тегиздигинин аралыгындагы бурч, карталарга жазылат. Астр. К. асман телолорун, ал эми геод. К. геод. олчоолөрдү (мис., триангуляция) жүргүзүү м-н аныкталат. Экватордон түндүктү ж-а түштүктү карай 0°тан 90°ка чейин эсептелинет. О. эле к. *Географиялык координаталар, Асман координаталары.*

КЕҢДИК БАРИТ КЕНИ Нарын обл-нун Жумгал р-нунда, Чаек кыш-нан 65 *км* түш.-батышта, деңиз деңг. 2500 *м* бийикте. 1958-ж. изилденип, бааланган. Алгачкы таш көмүр мезгилинде пайда болгон чөкмө катмардын ичинде калыңдыгы 0,8–1,2 *м*, уз. 20–84 *м* болгон баритин үч тарамы кездешет. Барит өзүнүн хим. сапаты б-ча А классына тийиштүү ж-а литопон күкүмүн алууга жарамдуу. Эсептелген запасы C_1 категориясы б-ча 492 *т*, C_2 – 3463 *т*, C_1+C_2 – 3955 *т*.

КЕҢЕШ – Ош обл-нун Кара-Кулжа р-нундагы кыштак. Кеңеш айыл округуна караштуу. Кара-Дарыянын боюнда, деңиз деңг. 1820 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кыш-нан 16 *км* батыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 106 *км*. Калкы 2411 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КЕҢЕШ – Ош обл-ндагы кыштак. Ош шаар кенешине караштуу. Деңиз деңг. 920 *м* бийикте жайгашкан. Жапалак айыл округунун курамында. Облустун борбору ж-а т. ж. бекети Ош ш-нан 8 *км*. Калкы 3846 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, ФАП бар.

КЕҢЕШ – Ош обл-нун Ноокат р-нундагы кыштак. Төолос айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1110 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ноокат ш-нан 33 *км* батыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. бекетинен 14 *км*. Калкы 2710 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, дарыкана бар.

КЕҢЕШ – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Баш-Добо айыл округуна караштуу. Жазы суусунун сол жээгинде, деңиз деңг. 950 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 6 *км* түн. тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 60 *км*. Кыштак 1930-ж. негизделген. Калкы 1148 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп бар.

КЕҢЕШ – Талас обл-нун Манас р-нундагы кыштак. Үч-Коргон айыл округуна караштуу. Талас – Жамбыл автомобиль жолунун, Талас суусунун боюнда, деңиз деңг. 654 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Покровка кыш-нан 8 *км* түн.-батыш тарапта. Жамбыл (Казакстан) т. ж. бекетинен 15 *км*. Калкы 1001 (2007); негизинен мал м-н алектенет.

КЕҢЕШ, О к т я б р ь – Чүй обл-нун Ысык-Ата р-нундагы кыштак. Кочкорбаев айыл округуна караштуу. Бишкек – Балыкчы автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 736 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кант ш-нан 10 *км*. Кыштак 1927-ж. негизделген. Калкы 7235 (2007); негизинен дыйканчылыкта эмгектенип, мал м-н алектенет. Орто ж-а негизги мектеп, 2 китепкана, мад-т үйү бар. Ушул кыштакта туулган Соц. Эмг. Баатыры Ы. *Кочкорбаевге* эстелик тургузулуп, музей уюштурулган.

КЕҢИРИ АЙМАКТЫК ТАРМАК, г л о б а л д у у к о м п ь ю т е р т а р м а г ы [англ. Wide Area Networks (WAN)] – геогр. аймакты (шаар же мамлекет) камтыган ж-а телефон кабелдерин, *жердин жасалма жандоочусун* ж. б. байланыш каналдарынын бирикмесин колдонгон компьютердик тармак. К. а. т-тарды тейлөө жеке же мамл. болушу мүмкүн. Берилиштердин электрондук системалары, мис., кеңири жеке байланыш-катыш тармагын калыптандырып алып, ишкердик *компьютер* кызматынын талабын камсыз кылат.

КЕҢКОЛ – Талас д-нын он куймасы. Талас р-нунун аймагында. Уз. 35 *км*. Алабынын аянты 406 $км^2$, орт. бийикт. 2540 *м*. Кыргыз Ала-Тоосунун батышындагы Башкы-Суу ашуусунан башталып, негизги кырка тоо ж-а ага жарыш жаткан түш. тармагы – Кара-Жылга тоосунун ортосу м-н агат. Кара-Жылга тоосу жак өндүрүктик. Өрөөнү тепши сымал. Ири куймалары: Ботом-Чал, Жошо, Чокой, Терек, Чачыкей, Коргон-Таш. Көп жылдык орт. чыгымы 2,39 $м^3$/*сек*, эң көбү 4,14 $м^3$/*сек*, эң азы 0,77 $м^3$/*сек*. Суу май–июнь айларында кирип, августта тартыла баштайт. Жаан-чачындан гана куралган суу. Талас өрөөнүнө чыккандан кийин 4 сугат каналына бөлүнөт. Боюнда Таш-Арык, Орто-Арык, Ак-Жар кыш. ж-а Манастын күмбөзү жайгашкан.

КЕҢКОЛ АНДАЛУЗИТ КЕНИ Талас р-нунда, Талас ш-нан 25 *км* түн.-чыгышта, Кеңкол суусунун башатында, деңиз деңг. 3000 *м* бийикте. 1936-ж. табылган. Эни 2–3 *км*, уз. 11–12 *км* болгон андалузит минералынан турган метаморфизм тектери, кеңкол аляскит интрузиясынын экзоконтагына тушташ жатат. Мында 3 кенташ тулкусу болүнгөн. Биринчисинин уз. 2 *км*, калыңдыгы 300 *м*; андалузиттин өлчөмү 25,5%ке

чейин жетет. Калган эки кенташтын тулкусу анчалык чоң эмес. Кендин жарамдуулугу изилденип бааланган кийин белгилүү болот. № 1 кенташ тулкусунун болжолдуу ресурсу 75–80 млн *т*.

КЕҢКОЛ БАЗА́ЛЬТ КЕНИ Талас р-нунда, Талас ш-нан 28 *км*, Кара-Жылга тоосунун түн. капталында, деңиз деңг. 2100 *м* бийикте. 1991-ж. геол. карта түзүү маалында табылган. Туурасы 150 *м*-ден 600 *м*ге чейин, уз. 2,6 *км* болгон линза сымал базальт теги палеогендин көк турпак свитасында жатат. Базальттан экинчи категориядагы минералдык була алууга болот. Болжолдуу ресурсу 21 млн $м^3$.

КЕҢКОЛ КӨЛҮ Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы Кызыл-Үңкүр өрөөнүнүн баш жагынан орун алган. Базар-Коргон р-нунун аймагында. Деңиз деңг. 1840 *м* бийикте жатат. Уз. 700 *м*, туурасы 100–120 *м*, аянты 0,1 $км^2$, терендиги 20–25 *м*. Кол байыркы моренанын өрөөндү бөгөп калышынан пайда болгон. Бөгөттүн бийикт. 50–60 *м*. Көлдөн Кеңкол суусу агып чыгып, Отуз-Арт суусу м-н кошулуп, Кызыл-Үңкүр суусун түзөт. Көлдү курчаган тоо капталдары тик, анда арча, карагай токою, көлдүн башталышындагы чакан дельтачада тал, терек жыш өсөт. Көлдө көк чаар, маринка, жилингир ж. б. балыктар бар.

КЕҢКОЛ КӨРҮСТӨНҮ – 2–5-к-га таандык археол. эстелик. Талас өрөөнүндө Кеңкол суусунун сол өйүзүндөгү тектирде, Манас чокусунун түн.-чыгыш ж-а чыгыш жагында жайгашкан. 100гө жакын таш дөбө ж-а топурак дөбө коргондордон турат. Соңку коло доорундагы коргондор да бар. Таш-Дөбө коргондун диаметри 6–15 *м*, бийикт. 0,3–1,2 *м*. Ал эми топурак дөбөнүн диаметри 8–12 *м*, бийикт. 0,5–1 *м*. Дөбөнүн алдында дромос (өткөөл) ж-а жарма мүрзө жайгашкан. Өткөөл тик бурчтук формасында, уз. 2–8 *м*, туурасы 0,7–1,2 *м*. бийикт. 0,8–1,2 *м*; таш такталар м-н жабылып коюлган. Дромос жарма мүрзөгө перпендикуляр жатат. Мүрзолор сүйрү келип, уз. 2–3 *м*, туурасы 1–2 *м*, бийикт. 0,8–1,2 *м*. Маркумдардын сөөгү чалкасынан жаткырылып, башы түн.-чыгышты карай каратылып, алдына тактай төшөлүп, кээде арча табыттарга коюлган. Көпчүлүгүнүн башы деформацияланган. Алар бирден, экиден, кээде тобу м-н көмүлгөн. Коргондогу ыр-жом-тайымдар байыркы убакта эле уурдалынына карабастан, анда карапа идиштер, жыгач өйчөк, оймо-чийме менен жасалган таманыш, чак жыгач идиштер (кумара, табак ж. б.), жылтым убакта согулган себет, буттары бар жыгач үстөл, коң сандаган кооздук буюмдар (сойкалолпу, шуру, билерик, шакек, күмүш күзгү, ташы боёчу таякча ж. б.), үй-тиричилик буюмдары (темир бычак, бүлөө, ийик ж. б.), курал-жарак (жаа, учу темир жебе, канжар ж. б.), жүндөн, жибектен жасалган кийимдердин калдыктары, такасы жок булгаары өтүк ж. б. табылган. 1938–39-ж. А. Н. Бернштам изилдеген. Ал 12 добо-коргонду казган, анын 11и жарма мүрзө болгон. 1956–57, 60-ж. Кыргыз ССР ИАнын Талас археол. отряды (жетекчиси: Ы. Кожомбердиев) дагы 26 жарма мүрзөнү казган. 2001–02-ж. археолог Б. Аманбаева казып, сөөк буюмдарды ж. б. тапкан.



Ад.: *Бернштам* А. И. Кенкольский могильник. Л., 1940; Кенкольский могильник. Большая Российская энциклопедия. Т. 13. М., 2009.

КЕҢКОЛ МАДАНИЯТЫНЫН ЭСТЕЛИКТЕРИ – б. з. ч. 1-миң жылдыктын 1-жарымындагы көчмөн ж-а жарык көчмөн калктарга таандык археол. эстелик. Терминди илимге А. Н. Бернштам киргизип, *Кеңкол корустонунун* атынан атаган. Эстеликке таандык мүрзөлөр дромос (өткөөл курулма) ж-а жарма көрдөн тургандыгы м-н өзгөчөлөнөт. Өткөөл курулма тик бурчтуу ж-а узун келип, ага перпендикулярдуу жайгашкан жарма көргө барып такалат. Андан көргө кирүүчү жери тегерек түрүндө болуп, ал жер таш такта же чийки кыш м-н жабылган. Жарма кор сүйрү келип, өлчөмү кыйла чоң. Сөөк жерде, тошолмо тактайда же жыгач табытка коюлган. Сөөк бирден, экиден, кээде топ-тобу



Кеңколдук. М. М. Герасимовдун реконструкциясы. Кеңкол тибиндеги казанактуу корустондон табылган карапа идиш.

м-н көмүлгөн. Сөөк м-н кошо карапа ж-а жыгач идиштер, жыгач отургучтар, темир бычак, бүлөө, жаргылчак, асем буюмдар, жаа, учу темир жебе, канжар, кылыч, зоот кийим, калкан ж. б. табылган. К. м. э-не тиешелүү корустондорго коюлган адамдар антропол. жактан европеоид тибине кирип, бирок монголоид белгилери да бир топ болгон, көбүнүн баш сөөгү атайылап деформацияланганы байкалат. Кеңкол мад-тына кирген уруулардын этностук табияты алигиче такталган элек. Бул мад-тка тиешелүү корустондор Талас, Кетмен-Төбө, Фергана, Чаткал, Алай, Борбордук Тянь-Шань, Чүй өрөөндөрүндө ж. б. жерлерде кездешет.

Ад.: *Кожомбердиев Ы.* Катакомбные памятники Таласской долины // Археологические памятники Таласской долины. Фр., 1963.

КЕҢКОЛ МРА́МОР КЕНИ Талас р-нунда, Талас ш-нан 15 *км* түн.-чыгышта, Талас Ала-Тоосунун түн. капталындагы Кеңкол өрөөнүндө. 1968-ж. табылган. Кен аймагын рифейдеги метаморфизмделген тоо тектер түзөт. Мрамор кени сланецтердин арасында жатат. Пайдалуу катмарлардын калыңдыгы 70–150 *м*ден 330–410 *м*ге чейин, уз. 11,5 *км*. Өңү боз, күрөң, ак, саргыч боз, кызгылтым саргыч, жол-жол темгилдүү. Блоктуулугу 0,5 $м^3$ге чейин. Жакшы сайкалданат. Запасы 3 млн $м^3$. Кооз буюмдарды жасоого, дубалды кооздоп каптоого колдонсо болот.

КЕҢ-САЙ – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Савай айыл округуна караштуу. Кара-Суу – Өзгөн автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 760 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кара-Суу ш-нан 2 *км* чыгыш тарапта. Калкы 4256 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КЕҢ-СУУ – Ысык-Көл обл-нун Түп р-нундагы кыштак. Сан-Таш айыл округуна караштуу. Ысык-Көл өрөөнүнүн түн.-чыгышында, Түп суусунун ортоңку агымынын оң жээгинде, Түп – Каркыра автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1760 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Түп кыш-нан 51 *км* түн.-чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 222 *км*. Калкы 1886 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Негизги мектеп, китепкана, медпункт бар. Кыштакта Кыргыз эл жазуучусу Т. *Сыдыкбеков* туулган.

КЕҢ-СУУ ВОЛЬФРА́М КЕНИ Ысык-Көл обл-нун Ак-Суу р-нунда, Тескей Ала-Тоонун түш. капталында, Кең-Суу суусунун баш жагында, деңиз деңг. 3300–3750 *м* бийикте. 1985–90-ж. чалгындалып, запасы бекитилген. Кен аймагы протерозойдун аягындагы акиташ, чопо, чополуу сланец, кумдук, алевролит, конгломерат, гравелит ж-а алгачкы карбондогу интрузия жиреген кумдук; гравелит, алевролит, акиташ, сланец, конгломерат тектеринен түзүлгөн. Интрузия м-н жанаша жаткан тектер роговикке, скарноитке, скарнга айланган. Кен вольфрамдуу эки зонага бөлүнөт. Зоналардын уз. 100–350 *м*, жантаюусу б-ча 250–550 *м*; калыңдыгы 7 *м*ден 150 *м*ге чейин. Зоналардын ичинде уз. 40–250 *м*, жантаюусу б-ча 60–460 *м*, калыңдыгы 1,25–19,75 *м* линза сымал кенташ тулкулары орун алган. Вольфрам үч оксидинин орт. өлчөмү – 0,41%. Кенташтын запасы C_1+C_2 категориясы б-ча 5846 мин *т*, вольфрамдын үч оксидинин кору (запасы) C_1+C_2 29,5 мин *т*.

КЕҢ-СУУ РОДОНИ́Т КЕНИ Ысык-Көл обл-нун Түп р-нунда, Арал кыш-нан 35–40 *км* чыгыш тарапта, Көк-Тай тоосунун кырында, Кең-Суу ашуусунан 3 *км* түн.-батышта. Кен аймагын силур м-н карбондо пайда болгон тоо тектер түзөт. Родонит тулкулары гранит-порфирдин ж-а кварцтуу сиенит-диориттин роговик же мрамор кабатчалары м-н кошулган жериндеги скарнда кездешет. Уз. 3–5 *м* келип, озунчо болүнүп турат. Родониттүү скарндар калыңдыгы 150–170 *м*, уз. 550 *м* келген тилкени түзүп жатат. Родонит кызгылт, ачык кызыл түстүү, майда бүртүкчөлүү. Жакшы сайкалданат. Кооз буюмдарды жасоого болот.

КЕҢ-ТӨР МОҢГҮСҮ – Какшаал кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Ак-Сай суусунун сол куймасы. Мүдүрүмдүн алабында, Болгонду ж-а Жырганакты мөңгүлөрүнүн аралыгында жайгашкан. Уз. 5,2 *км*, аянты 6,7 $км^2$, абляциясынын аянты 2,2 $км^2$. Мөңгүнүн башы деңиз деңг. 4920 *м*, этеги 3980 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4260 *м*. Мөңгүдөн агып чыккан өзөн Мүдүрүмдүн сол куймасы – Кең-Төргө сол тараптан куят.

КЕҢ-ТӨР МОҢГҮСҮ – Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги эң ири мөңгү. Норуз суусунун алабынан орун алган. Уз. 6,5 *км*, аянты 10,0 $км^2$. Мөңгүнүн башы деңиз деңг. 4600 *м*, этеги 3300 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4100 *м*, абляциясынын аянты 6,2 $км^2$. Куралуу облусу 4 циркте жайгашкан. «Тилиний» 2,9 $км^2$дей жери калың морена катмары м-н капталган. Мөңгүдөн Норуздун негизги курамы – Кең-Тор суусу башталат.

КЕҢ ФОРМАТТУУ КИНО – кинематографиянын эни 50–70 *мм* кинотасманы колдонуучу түрү. К. ф. к-нун *кең экрандуу кинодон* айырмасы ар бир кинокадрдын экрандагы өлчөмү ж-а аянты үч эсе чоңойтулуп көрсөтүлөт да, кинофильм экрандан так, даана көрүнөт. К. ф. к. үчүн кино тартуучу, үн жазуучу, кино көрсөтүүчү жаңы форматтагы атайын аппараттар бар.

КЕҢ ЭКРАНДУУ КИНО́ – көрүү талаасы чоңойтулуп ж-а стереофон үн м-н тартылган, кенири экранда көрсөтүлүүчү кино. К. э. к. тартуу идеясы кинематограф (кыймылдагы объектини жарык, сезгич тасмага тартуучу ж-а ал сүрөттү экранга көрсөтүүчү аппарат) ойлоп чыгарылгандан башталган. Азыркы К. э. к-лор ар түрдүү тех. системалар (анаморфот оптикалуу, узата кадрлуу, кең тасмалуу системалар) м-н тартылат. Анаморфот оптикалуу система м-н К. э. к. тартууда кино аппараты анаморфоттук объектив кийгизме м-н жабдылат да, объективинин кино *кадрдагы* сүрөтү горизонталь б-ча «жый-

рылат». Кинотасманын өлчөмдөрүн өзгөртпөй туруп, жактарынын катышы 1:2,55 болгон сүрөт алынат. Мындай фильмди экранда көрсөтүүдө кино көрсөткүч аппараттын объективине анаморфоттук кийгизме орнотулат да, тартылганда «жыйрылып» түшкөн сүрөт горизонталь б-ча чоюлуп көрсөтүлөт. Экрандын туурасы 15–22 *м* болот. Үндү угузуу үчүн үч каналдуу система колдонулуп, 3 же 4 топтон турган күчөтүп сүйлөгүчтөр пайдаланылат. «Синерама» системасы 1952-ж. АКШда иштелип чыккан. Бул система м-н тартылуучу ж-а көрсөтүлүүчү кинофильмдин ар бир кадры катар коюлган кино тартуучу аппарат м-н 35 *ммлик* үч кинотасмага айрым тартылат. Конструкциясы бири-бирине карата 48° бурч б-ча жайгаштырылат. Бул камералардагы тасма бирдей (синхрондуу) жылдырылат. Фокус ж-а диафрагма үч объективде бир убакта коюлат. Үч тасманын ар биринен позитив чыгарылат. Кинотеатрдагы атайын конструкциядагы экранга бир маалда айрым үч позитив көрсөтүлөт. «Караш-караш» (реж. Б. Шамшиев, 1968), «Ак илбирстин тукуму» (Т. Океев, 1984), «Тенир» (Мари де Поншеливил, АКШ м-н бирге, 2008), «Уурунун махабаты» (Э. Абдыжапаров, 2009), «Свет аке» (Актан Арым Кубат, 2010), «Аталар керээзи» (Нурбек Эген, 2007) ж. б. фильмдер кең экрандуу форматта тартылган. Кырг-нда К. э. к. «Ала-Тоо», «Октябрь», «Россия», «Манас» ж. б. кинотеатрларда көрсөтүлөт.

КЕП (слепок) – скульптура чыгармасынын так көчүрмөсү. Гипс, мом сыяктуу нерселерден калыпка куюу аркылуу түп нусканын дал өзүндөй жасалат. Музей экспозицияларында, окуу куралы катары, реставрация максатында колдонулат.

КЕПЕЛИ-САЙ КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Ноокен р-нунда, Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 5–6 *км* түш.-батышта, Нарын д-нын боюнда, деңиз деңг. 600 *м* бийикте. 1980-ж. Түш. Кыргыз геол. экспедициясы чалгындаган. Кен аймагын антропоген мезгилиндеги аллювий ж-а пролювий чөгүндүлөрү түзөт. Пайдалуу кум-шагыл катмарынын калыңдыгы 10–30 *м*, уз. 1,5 *км*ге жакын. Ири шагылдар 10%, майдалары 50%, кум 40%ти түзөт. Кумшагылда чаң 20–22%ке чейин. Ири шагылдарды майдалап, «200», «300» маркасындагы бетонго колдонсо болот. Кумду чаңдан арылтып жуугандан кийин бетонго кошууга, жолго төшөөгө жарайт. Запасы В категориясы б-ча – 2600 мин $м^3$, C_1 – 8100 мин $м^3$, $B+C_1$ – 10700 мин $м^3$.

КЕП ЖЫГАЧ – бут түспөлүндө жасалган жыгач калып. Бут кийим ултарууда кеп катары колдонулат. Буттун көлөмүнө жараша ар кандай өлчөмдө арча, кара жыгач ж-а кайыңдан даярдалат.

КЕПИЧ – ийленген булгаарыдан колго ултарылган бүчүрүз, боосуз бут кийим. Маасынын сыртынан кийилген. Баш жагы ичтелет, четтери тарамыш м-н кайылып, ичи таманга бекитилет. К. жеңил болсун үчүн такасынын ичин көндөй кылып ултарышкан. Жигиттердин ж-а кыз-келиндердин К-и ойдо-ойноо, сүймелер м-н асемделген.

КЕ́ПЛЕР Иоганн (27. 12. 1[illegible] Вюртемберг – 15. 11. 1630, Вейльдер-Штадт, Бавария, Регенсбург) – немис астроному жа[illegible]атематиги. Жаңы мезгилдин астрономиясы[illegible]каратуучулардын бири. Протестант мектеб[illegible]бүткөндөн кийин, Тюбинген академиясынын диний семинариясын (1589), академияны (1591–93) бүтүргөн. Грац ш-ндагы (Австрия) гимназияда математика мугалими болуп иштеген. 1596-ж. «Аалам сырлары» деген биринчи эмгегин жазган. Н. *Коперниктин* ишин улантуучу катары, чиркөө кызматкерлеринин куугунтугу аны Грац ш-нан кетүүгө аргасыз кылган. К. 1600-ж. Прагада атактуу астроном Т. Браге м-н иштеген, ал өлгөндөн кийин (1601) анын көп жылдык өтө так байкоолорунун материалдарын алган. Ал Прагада «Виттелого толуктоо» (1604), «Диоптрика» (1611), «Жаңы астрономия» (1609) деген эмгектерин жарыялаган. К. Планеталардын кыймыл законун ачкан. Анын биринчи эки закону «Жаңы астрономияда», 3-закону «Дүйнөнүн гармониясы» (1619) деген эмгегинде жазылган (к. *Кеплер закондору*). Ал түзгөн «Рудольф таблицасы» м-н ар кандай учур үчүн планетанын абалы аныкталган. Бул таблицанын негизинде эсептелген *эфемериддер* Чолпон, Күн диски б-ча өтө турганын (1631) алдын ала айтууга мүмкүндүк берген.



Ад.: *Еремеева А. И.* Выдающиеся астрономы мира. М., 1966; *Белый Ю. А.* И. Кеплер. М., 1971.

КЕ́ПЛЕР ЗАКОНДОРУ – *планеталардын* кыймылынын үч закону. Аларды И. *Кеплер* ачкан. Биринчи закон – бардык планета эллипс б-ча кыймылдайт, анын бир фокусунда Күн жайгашкан. Экинчи закон – ар бир планета Күндүн борбору аркылуу өтүүчү тегиздикте кыймылдайт, бирок планетанын радиус-вектору сызган орбита секторунун аянты убакытка пропорциялаш өзгөрөт. Демек, планета Күнгө канчалык жакын болсо, ылдамдыгы ошончо чоң. *Перигелийде* планетанын сызыктуу ылдамдыгы өтө чоң, *афелийде* өтө кичине, б. а. планетанын эллипс б-ча кыймылынын ылдамдыгы сан жагынан өзгөрөт (к. сүрөт). Үчүнчү закон – планеталардын Күндү



айлануу убакыттарынын квадраттары алардын Күнгө чейинки орт. аралыктарынын кубдарындай катышат жана төмөнкүчө жазылат: $\frac{T_1^2}{T_2^2}=\frac{a_1^3}{a_2^3}$, мында T_1, T_2 – планеталардын айлануу мезгили; a_1, a_2 – орбиталарынын чоң жарым октору. К. з. планеталардын Күнгө чейинки орт. аралыгын жылдыздык мезгил (синодикалык мезгил) м-н байланыштырат ж-а планеталардын Күнгө карата салыштырмалуу аралыгын түзүү мүмкүнчүлүгүн берет, б. а. бардык планеталар чоң жарым огун Жер орбитасынын чоң жарым огунун бирдиги м-н туюнтууга жардам берет. К. з. Ньютондун тартылуу закондорунун негизинде түшүндүрүлөт.

КЕПСЕН – дыйканчылык жерлеринде түшүм жыйноо (кызылдоо) учурунда кырманга келген айрым кишилерге кырманчылар тарабынан берилген эгин. Эгин басылып, кызылы сапырылып, чечкор өткөрүлүп, капка салардан же ороого куярдан мурда темин басууга, эгин сапыруугa жардамдашкан же ошол учурда «Кырман толсун!» деген алкоосун айтып, кырманга келген аксакалдарга, балдарга, о. эле жетим-жесирлерге кырман ээси бир күрөк, бир табак, бир калбыр же бир чака кызыл салып берген. Айрым учурда кырман ээси чечкор (темин кожо) жасап, айыл аксакалдарын, аттуу-баштуу кишилерди чакырган. Тамак ичилип, бата берилгенден кийин аларга кызылдын көлөмүнө жараша К. берген.

КЕП ТАКЫЯ – элечектин ичинен кийилүүчү баш кийим. К. т. элечектин четинен этеги чыгып калбагыдай жазылыкта ак кездемеден тепчилип жасалган. К. т. элечекти баштан алууну,



1 *2* *3*

1 – Кеп такыянын арка тарабы; 2 – кеп такыянын саймалары, чачы, салак-күмүш кооздуктарга бекитилген шурулар, жылаажын, топчулар (седеп), күмүш кумганга бекитилген чачылар; 3 – кеп такыянын куйрук алгычы.

кийүүнү женилдетип, анын астынкы оромун терден сактаган.

КЕПТАШ МОЛИБДЕ́Н КЕНЧЕСИ Талас обл-нун Бакай-Ата р-нунда, Кепташ суусунун баш жагында, деңиз деңг. 2450 *м* бийикте. 1934-жылдан бери белгилүү. 1982–87-ж. изилденип баалланган. Кенче интрузиянын үстүндөгү рифейдеги акиташ, алевролит, кумдук катмарларындагы жаракаларга жакын жайгашкан. Вольфрам-молибдендүү кенче кварц-мусковит-флюорит грейзендери м-н гранат-амфибол-пироксен скарндарына топтолгон. Кенташтуу участкалардын уз. 10–200 *м*, калыңдыгы 0,1 *м*ден 15–20 *м*ге жетет. Негизги минералдары: шеелит, молибденит, пирит. Молибдендин орт. өлчөмү 0,17%. Кенташтын болжолдуу ресурсу 5405,6 мин *т*, молибдендики 9189 *т*.

КЕПТЕШ – өрөөндүн же капчыгайдын эки тарабы кууш, тар жери. Денсоолүү аймактарда ж-а түздуктордо жаан-чачын сууларынын эрозиясынан пайда болот. Капталдары жантайыңкы келип, акырындап жайык, бир аз күдүрлүү таманга өтөт. Кырг-нда К-тер арбын, Ат-Башы кептеши, Көкомерен кептеши ж. б.

КЕПТӨӨ – чылгый териден шири идиштерди жасоо ыкмасы. Тоборсуган чылгый тери жасалуучу идишке ылайыктап бычылып ж-а тигилип, оозуна тегерек алкак бекитилип, ичине жумшак топурак шыкалат да, сыртынан кол м-н чапкылап, тиешелүү түргө (мис., коноктун түбү жалпак, чоргосунун түбү жоонураак, учун төмөн карай ийилтип, оозу тарыраак ж-а бойроктүү кылып кептелип, желдеп турган көлөкөгө коюлган) келтирилген. Ал тоборсуган соң, бетине калемдей мукур учталган катуу жыгач (четин, арча, шилби ж. б.) м-н түрдүү оймо-чийме түшүрүлүп кооздолгон. Абдан кургатылып, ыпталгандан кийин (3–5 сутка) урунууга жарактуу болгон.

КЕПТӨӨР, дифтерия – көмөкөй ж-а кекенун былжыр челин сезгендирип, түрдүү органдарды жабыркатуучу катуу кармаган жугуштуу оору. Тамакта катуу өнөр пайда болуп, организмдин жалпы уулануусу байкалат. 4–6 жаштагы балдар ооруйт. Аны К. таякчасы козгойт. Козгогуч суукка, кургакчылыкка байымдуу. Оорулуу же бактерия алып жүрүүчү жөтөлгөндө, чүчкүргөндө, сүйлөгөндө шилекей м-н абага чачырап, соо адамга жугат. Кээде тамак-аш, түрдүү буюмдар аркылуу да жугушу мүмкүн. Козгогуч былжыр челге түшкөндө, токсин (уу зат) бөлүп чыгарып, ал эпителийдин некрозун пайда кылат да, кан тамырларды жабыркатат ж-а фибрин торчосун түзүп, өнөр пайда болот. Токсин канга өтүп, организм жалпы ууланат. Мында кобүнчө нерв ж-а жүрөк-кан тамыр системасы, бөйрөк жабыркайт. Жашыруун мезгили 2–10 күн. Оору козгогучу алкым бездерин, көз, мурун, кекиртектин, чанда кыздын жыныс мү-

чөсүнүн былжыр челин, ымыркайдын киндигин жабыркатат. Алкым К-үндө эт ысып, тамак шилекей, тамак-аш жуткурбай ооруйт. Тамактагы бездер, жумшак таңдай, таңдайдын кичине тилчеси, коко боз, жука өнөр м-н капталат, шишийт. 5–6-күнү дененин жалпы ууланууcу башталат. Жүрөктүн кагуусу начарлайт, боор чоноюп, нерв системасынын иши бузулат, темпра 39°–40°Сге чейин жетет. Оорулуунун жалпы абалы начарлап, тамыр жай согот, өнү бозорот. Жаак алдындагы лимфа түйүндөрү шишип, ичи өтөт. Мурун К-үндө мурун бүтүп, суу агат. Оорулуунун абалы көп өзгөрбөйт. Кекиртек К-ү көп учурда жаш балдарда кезигет. К. таякчасынын уусу көпчүлүк органдарга (өпкө, бөйрөк, жүрөк ж-а нервге) таасир этип, оор кабылдоого дуушар кылат. Дарылоодо кан сары суусу куюлат. Алдын алууда негизинен К-го каршы бардык дени соо балдар (5–6 айлыктан 12 жашка чейин) эмделет. Оорунун эрте аныктап, ооруканага жаткырып, үйгө дезинфекция жасоо да оорунун таралышын алдын алат.

КЕП ЧАЧ, к. *Кийме чач.*

КЕРА́МИКА (гр. keramikḗ – карапа өнөрү, cĕ́ramos – чопо), к. *Карапа.*

КЕРАТИ́Т (гр. kéras, kératos – мүйүз) – көздүн тунук челинин сезгениши. Вирустар, чанда башка микроорганизмдер козгойт. Мында көздүн тунук чели тунарып, көрүү начарлайт. Анын пайда болушуна көз травмасы, көз оорулары, түрдүү жугуштуу оорулар (*грипп, бруцеллёз, чечек, кептоор, туберкулёз* ж. б.) ж-а витамин жетишсиздиги себеп болот. Көздөн жаш агып, бир нерсе түшкөндөй болуп ооруйт, кызарат, тунук чел шишийт, жарыкты карай албайт, көрүү начарлайт. Дарылоону врач жүргүзөт. Өз алдынча туура эмес дарыланганда чел кабыкты биротоло ак басышы мүмкүн. Оор учурда операция жасалат. Алдын алууда көздү травмадан коргоо, жугуштуу ооруларды жуктурбоо, көздүн былжыр челинин ж-а жаш бездеринин сезгенүүсүн өз убагында дарылоо, жеке гигиенаны сактоо керек.

КЕРАТОФИ́Р (гр. kéras – мүйүз ж-а *порфир*) – магма тоо теги. Сиенит-трахит тобуна кирет. Сиениттин эффузивдүү палеотиби. Порфирлүү түзүлүштөн турат. Порфирлүү бөлүкчөлөрүнө альбит, биотит, кээде диопсид кирет. Негизинен *альбиттин* өтө майда микролиттери кездешет. Курамына жараша кварцтуу, ортоклаздуу, кварцсыз К. болуп бөлүнөт. Кырг-нда спилит-диабаз формациясын түзүп, Түн. Тенир-Тоодо (протерозой заманынын акыры м-н кембрийдин башталышы), Түш. Тенир-Тоодо (силур м-н девондун башында) жолугат. К. жанартоо чокмолорүндө кенири тараган.

КЕРБАБАЕВ Берди Мурадович [3(15). 3. 1894, Түркмөн ССРи, Тежен р-ну, Коуки-Зерен айылы – 23. 7. 1974, Ашхабад] – түркмөн жазуучусу, Түркмөн ССР ИАнын академиги (1951),



Түркмөнстан эл жазуучусу (1967), СССР мамл. сыйл. лауреаты (1948, 1951). Соц. Эмг. Баатыры (1969). Ленинград ун-тинин Чыгыш таануу бөлүмүн бүткөн (1928). Чыгармачылыгы 20-к-дын 20-жылдарда башталган. Алгачкы чыгармалары – «Кыз дүйнө» (1927), «Адат курмандыгы» (1928) поэмалары. «Чечүүчү кадам» аттуу реалдык-тарыхый роману (СССР мамл. сыйл., 1948), «Курбан Дурды» (1942) повести, «Айлар» поэмасы, «Бир туугандар» ж-а «Махтумкули» (1943) пьесалары ж. б. чыгармалары бар. «Ак алтын өлкөсүнүн Айсолтаны» повестинин, нефтичилер турмушун сүрөттөгөн «Небит-Даг» (1957) ж-а түркмөн элинин көрүнүктүү революционери ж-а коомдук ишмери К. Атабаев ж-дөгү «Кереметтүү төрөлгөн» (1965) романдарынын автору. А. С. Пушкин, Л. Н. Толстой, М. Горький ж. б. жазуучулардын чыгармаларын түркмөн тилине которгон. 3 Ленин ордени м-н сыйланган.

КЕРБЕЛА́ – Ирактын борб. болүгүндөгү шаар. Кербела мухафазасынын (адм.-айм. бирдик) адм. борбору. Евфрат д-нын ороонүндө жайгашкан. Шаар аркылуу Багдад м-н Меккени байланыштыруучу жол өтөт. Мусулман-шейиттердин ыйык шаары ж-а зыярат кылуучу жайы. Калкы 498,3 миң (2008). Ашур майрамы мезгилинде калкы 3 млнго чейин жетет (негизинен Ирандан келген зыяратчылардын эсебинен). Ири соода-жол тоому. Тамак-аш (кант, жашылча консервалары), жеңил, текстиль, булгаары-бут кийим, цемент о. ж. ишканалары иштейт. Кол өнөрчүлүк (негизинен диний буюмдар) өнүккөн. К-да 100дөн ашык мечит, 23 медресе, ун-т бар. К. 7-к-да негизделген. Бул шаарда Мухаммед пайгамбардын небереси Кусейиндин күмбөзү (680-ж. ушул жерде өлтүрүлгөн), о. к. ылымдын арх-ра эстеликтеринен имам Кусейиндин мавзолейи (мечит медресеси м-н; 1991-ж. шейиттер, 2000-жылдын ортосунда террористтер тарабынан катуу талкаланып, кийинчерээк калыбына келтирилген), Аббас мечит-мавзолейи, акын Физулинин күмбөзү, шаардын айланасында Омейяддардын сарай-капкасынын урандылары сакталган.

КЕ́РБЕЛЬ Лев Ефимович [25. 10 (7. 11). 1917, Украина, Сумы обл., Семёновка кыш. – 14. 8. 2003, Москва] – сов. скульптор, СССР мамл. сыйл. лауреаты (1950). СССР эл сүротчүсү (1977), СССР сүрөт академиясынын анык мүчөсү (1962). Монументалист портретчи. Соц. Эмг. Баатыры (1985). 1962-жылдан Москва корком сүрөт институнда окутуучу, проф. (1963) болгон. Көптөгөн аскер адамдарынын, космонавттардын, эмгекчилердин, окумуштуулардын, мамл. ишмерлердин портреттерин жараткан: «Жеңиш парады», «Ленинди угуп жатышат» (гипс, 1948–49; СССР мамл. сыйл., 1950); Сов. Союзунун эки жолку Баатыры В. С. Петровдун (мрамор, 1951), Соц. Эмг. Баатыры К. С. Мухтарованын (мрамор, 1954), В. И. Лениндин Горькидеги (гранит, 1959), К. Маркстын Москвадагы (гранит, 1961; Лениндик сыйл., 1962), Карл-Маркс-Штадттагы (азыр Кемниц; коло, 1971) ж. б. эстеликтердин автору. Ленин ордени м-н сыйланган.

Л. Я. Кербель. К. Маркстын эстелиги. Москва. 1961.



КЕРБЕН – соода кылуу максатында узак жол тартуучу жүктүү унаалардын (көбүнчө тоолордун) тобу. К. тарткан адамдар кербенчи, башкарган адам К. башы деп аталган. Баруучу жолду мыкты билгендиктен, жол баштоо, зарыл нерселер м-н камсыз кылуу К. башынын милдетине кирген. К-ди түзгөн жүктүү тоолорду 5–9дан чиркештирип, алдыңкысы м-н эң арткысына чоң көңгуроо тагып, астында бир адам жол баштаса, артында бир адам жүктөргө көз салып, оогондыйшайгандарын ондоп-түздөп, тоолорду айдаган. К-чилер жол боюндагы К. сарайларга түнөшкөн (мис., Борб. Тенир-Тоо аркылуу Улуу Жибек жолу б-ча өткөн К-чи-саякатчылар Таш-Рабат кербен сарайына токтоп отүшкөн). Байыртадан Ж. Чыгыш ж-а О. Азия, Африка элдеринде К. м-н соода кылынган саякат жасалган. Сооданын өнүгүшүнө, мад-ттын таралышына, элдердин өз ара байланышына, жакындашуусуна зор өбөлгө түзгөн.



КЕРБЕН, Кэрвэн, Караван – Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нундагы шаар (2004-жылдан). Аксы р-нунун ж-а Кербен шаар башкармалыгынын борбору. Бозбу-Тоонун батышында, деңиз деңг. 1300 *м* бийикте жайгашкан. Шамалды-Сай т. ж. бекетинен 80 *км* аралыкта. Кыштак катары 1870-ж. чейин негизделген. Калкы 14 миңдей (2008); негизинен дыйканчылыкта эмгектенип, мал м-н алектенет. Беш орто мектеп, китепкана, жатак ж-а кесиптик-тех. лицейлери, спорт мектеби, кинотеатр, мад-т үйү (400 орундуу), мечит (Азрети Умар атн.), парк, ооруканa ж. б. бар. В. И. Ленинге, Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. «Ыман-Ата» АКсы (мурдагы май заводу), «Гүлазык» жоопкерчилиги чектелген коому (мурдагы шарап з-ду) ж. б. иштейт.

КЕРБЕН ТҮЗДҮГҮ, Караван – Кок-Жар түздүгү Алай кырка тоосунун түн. этегинде. Кадамжай р-нунун аймагында. Түндүгүнөн Дастар, Улуу Тоо, түштүгүнөн Гаузан тоосу, чыгышынан Бел-Өрүк адырлары, батышынан Исфайрам-Сай ороону м-н чектешет. Уз. 28–30 *км*, туурасы 16–18 *км*. Деңиз деңг. бийикт. 1200–1500 *м*. Түздүк негизинен тегиз, чет-жакасы майда жылга-жыбыттуу. Айрым жеринде суу жеген ойдунчалар кездешет. Палеоген-неоген ж-а төртүнчүлүк мезгилдеринин чөкмө ж-а шиленди тектери м-н капталган. Климаты континенттик. Жайы ысык (июлдун орт. темп-расы 24°С), кышы мелүүн (январдыкы –3,5°С). Жылдык жаан-чачыны 250–290 *мм*. К. т-ндө Абшыр м-н Исфайрам-Сай суулары каналдарга бөлүнүп кетет. Негизинен боз топурактуу. Шыбак-эфемерлүү ж-а жарым чөл талаа ландшафттары мүнөздүү. Тамеки, дан өсүмдүктөрү ж. б. эгилет. Түздүктө Кызыл-Кыя, Кербен ш., Үч-Коргон, Кубасай кыш. жайгашкан.

КЕРГЕЛЕ́Н – Инди океанынын түш. бөлүгүндөгү архипелаг, Антарктикада. Франциянын эли. Жанартоодон пайда болгон бир чоң (Кергелен) ж-а 300дөй майда аралдан турат. Платонун суу бетине чыгып турган бетин эзилет. Жалпы аянты 7 миң *км*²дей. Туруктуу отурукташкан калкы жок. Бийикт. 1850 *м*ге чейин. Климаты субантарктикалык, февралдын орт. темпрасы 7°С, июлдуку 0°С, жылдык жаан-чачыны 1000 *мм*дей. Батыш бөлүгүндө ири муздуктар (аянты 500 *км*²ге жеткен) бар. Дайыма катуу шамал болуп турат. Субантарктикалык суйдак чөп өсүмдүктөрү өсөт. Порт-о-Франсе геофиз. станциясы 1950-жылдан иштейт. Архипелаг 1772-ж. аны ачкан француз деңиз саякатчысы И. Кергелен де Тремаректин ысмынан аталган.

КЕРГЕЛЕ́Н-ГА́УССБЕРГ, Кергелен – Инди океандын түштүгүндөгү суу астындагы кырка тоо. Антарктидага жакын, Африка-Антарктида ж-а Австралия-Антарктида чуңкурдуктарынын аралыгында 2600 *км*ге созулуп жатат. Жазылыгы 950 *км*ге чейин. Океандын бетинен кырка тоонун кырына чейинки басымдуулук

кылган терендиги 1000–2000 *м*. Кырка тоонун чокулары суудан чыгып, аралдарды пайда кылат; алардын эң ирилери – Кергелен, Херд. К.-Г. океан түбүнөн келки которулуп, айрым жерлерине жанартоо формалары мүнөздүү. Негизинен базальт тоо тектеринен түзүлгөн. Кырка тоодогу жанартоо палеогенден баштап аракетте. Кырка тоону 1929–31-ж. Д. Моусон баштаган Австралия экспедициясы ачкан.

КЕРГИЧ – корком кол өнөрчүлүктө колдонулуучу аспап. Ал саймачылыкта пайдаланылат. К. жумуру жыгачтан төрт чарчы же тегерек кылып жасалган алкак. Анын бетине сайма сайылчу кездеме керилет. Чон К. бир гана жыгачтан туруп, кездеменин четтери ага чыраштарлып бекитилет. Сайма сайылуучу кездеменин керилген болүгүнө кочот түшүргөндөн кийин, четиндеги чырашты согуп, жылыштырып, кайра жөрмөп бекитип турат.

КЕРЕГЕ – *боз үйдүн* уук бекитилүүчү каптал жыгачтары. Диаметри 2,5–3,5 *см*, уз. 230–300 *см*, баш аягы бирдей жумуру (56–60 даана) саканактардан (таякчалардан) жасалат. Саканактарды эчки тал, сары талдын кабыгын аз ааарчып, ичин коздой бир ийип, теске салып, көлөкөгө кургатып жасайт, уук байланчу баш



жагынан 15–20 *см* жери сыртын коздой ийип маталат. Саканактардын ар бири 14–18 *см* аралыкта бири-бири м-н кайчылаштырылып козолуп, ага откорулгон коктун эки жагы түйүлүп бекитилет. К-нин коктолуп бириккен жери темгек деп аталат. Ишти тездетүү, коктү, убакытты үнөмдөө максатында копчулук К-лерде ар бир 3 же 4 катар темгектерден кийинки катары темгектелбей (козолбой, коктолбой, бош) «азат» калтырылат. К. жайылганда саканактардын кайчылашуусунан пайда болгон төрт жагы бирдей козчөлөрдүн чонураагы ж е л к ө з, кичирээги т о р к ө з деп аталат. Саканактардын баш (жоон) жагынын 70–80 *см* жериниин ички бети алакандалып (жалпайтылып), ага 6–12 издүү сай салынат. К-нин ар бир канаты узуну б-ча 18–20 коздүү, бийикт. (туурасы) б-ча 6–10 коздүү болгон. К. канаттарынын четки кыска саканактары жетим же сынар саканак делет. Жыйылган К-нин бийикт. 2 *м*дей, эни 75 *см*дей болот. Жазганда бийикт. томондоп, эни 2–2,5 *м*ге жетет. К-нин уук байланчу жогорку ачакейлери К. баш, анын карама-каршы томонку болүгү К-нин аягы деп аталат. К. канаттарын бириктиргенде, алардын ички саканактары бири-бирине дал келип калганда, канат боо м-н орой чалып байланат. Боз үйдүн чондугу К. канаттарынын санына карата: эң кичинеси 4, эң чону 12 канат деп аталат. К. жошо, сыр, боёк, темир даты м-н боёлот. Учурда боз үйдүн башка жыгачтары сыяктуу К. да өндүрүштө даярдалат.

КЕРЕГЕ-ТАШ – Ысык-Көл обл-нун Ак-Суу р-нундагы кыштак. Кереге-Таш айыл округуна караштуу. Ысык-Көл ойдунунун чыгышында, Тескей Ала-Тоонун этегинде, дениз денг. 1780 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Теплоключенка кыш-нан 3 *км* чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 235 *км*. Калкы 2350 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, 2 китепкана, бала бакча, медпункт, мад-т үйү бар. Кыштакта академиктер Ж. *Алышбаев* ж-а М. *Мамакеев* туулган.

КЕРЕГЕ-ТАШ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ, к. *Тоң минералдуу суусу*.

КЕРЕЖ – Ирандын түндүгүндөгү шаар. Тегеран останында. Тегерандын шаар-спутниги. Кереж д-нын боюнда, Эльбурс тоосунун этегинде жайгашкан. Калкы 1,5 млн (2008). Тегеран м-н темир ж-а автомобиль магистралдары аркылуу байланышат. Б. з. ч. 3-к-дын аягынан белгилүү. О. кылымдын кербен-сарайы, шаардын четинде Мехршахр маданий комплекси (Морварид ак сарайы м-н) сакталган. Ядролук изилдоолор интуту, жаратылыш ресурстар ил.-из. борбору, а. ч. ун-ти бар. Машина куруу ж-а металл иштетүү (ракета техникасы ж-а газ өндүрүшү ж. б.), хим. (суперфосфат ж. б.), женил (текстиль, булгаары-бут кийим) ж-а тамак-аш о. ж., курулуш материалдар өндүрүшү ж-а шаарга жакын жерде женил автомобиль ж-а автобустарды курастыруучу з-д иштейт.

КЕРЕЗБЕКОВ Канат (29. 1. 1970-ж. т., Нарын обл., Жумгал р-ну, Жумгал айылы) – юридика илимд. доктору (2008), КРдин эмг. син. юристи (2009). 1993-ж. КМУну бүткөн. 1992–96-ж. ил-өндүрүштүк «Элдос ЛТД» фирмасында юрист-консультант, 1996–99-ж. КР УИАнын Философия ж-а укук ин-тунда ил. кызматкер, улук ил. кызматкер, болүм башчысы, 1999–2005-ж. КМУда окутуучу, доцент, кафедра башчысы, 2001–02-ж. КМУда Юридика ин-тунун директорунун орун басары, директордун милдетин аткаруучу, 2005-жылдан КРдин Өкмөтүнө караштуу Кыргыз



мамл. юрид. академиясынын ректору. КРдин Демокр., Жер кодекстери ж. б. мыйзам актыларынын, КР УИА, Ипотека, Третейский суд ж-а КРдин жер-агр. реформасы б-ча мыйзамдардын пакетин иштеп чыккучулардын бири. «Кыргыз Республикасынын жер укугу», «Третейский суд», «Укук таануу окуу куралдарын даярдоо б-ча автордук жамаат»тын жетекчиси, «Кыргыз Республикасынын массалык маалымат каражаттары жана укук окуу куралына авторлош. 80ден ашуун ил. эмгектердин автору. «Данк» медалы м-н сыйланган.

КЕРЕЙ ТИТАН КӨЛҮ Жалал-Абад обл-нун Ноокен р-нунда, Жалал-Абад ш-нан 70–80 *км* түн.-батыш тарапта, Бабаш-Ата кырка тоосунун түш. капталында. 1949-ж. изилденген. Кен аймагын силур м-н девондун чокмо тектери ж-а аны жиреп чыккан ультранегиздүү интрузия түзөт. Кенташ габбро-диабаз штогунда жайгашкан. Ал майда, чачыранды сепкил түрүндөгү ильменит минералынан турат. Кошунду түрдө марганец, ванадий, жез минералдары кездешет. Кендеги титандын кондициялык олчому 3,44% ке чейин.

КЕРЕКТӨӨЛӨР – организмдин иштоосун, адамдын керт башын, социалдык топту, бүтүндөй коомду колдоо үчүн зарыл болгон кандайдыр бир нерсеге муктаждык же кемчилик; активдүүлүктү ичтен козгогуч. К. физиол. (тамакка, кийимге, жылуулукка, коопсуздукка К.), социалдык (сүйүүгө, достукка, мамилеге К.), интеллектуалдык (билимге, өзүн өзү аңдап-түшүнүүгө К.) болушу мүмкүн. Эгер адам кандайдыр бир керектоосүн канааттандыра албаса, ал аны алмаштырат же оз таламын азайтат. К. *рынок* шартында өзгөрүүгө дуушар болууда.

КЕРЕНСКИЙ Александр Фёдорович [22. 4 (4. 5). 1881, Симбирск – 11. 6. 1970, Нью-Йорк, соогу Лондонго коюлган] – орус саясий ишмери. Мамл. 4-думанын депутаты (1912–17). Февраль рев-ясынан кийин (1917) Петроград кенешмесинин төрагасы, 1917-ж. март айынан эсер. К. Убактылуу өкмоттүн курамында юстиция министри (1917, март–май), аскер ж-а дениз министри (май–сентябрь), 8 (21)-июлдан министр-төрага, 30-августтан (12-сентябрь) жогорку башкы командачы. 1917-жылдагы Июнь чабуулунун, 1917-жылдагы Июль күндөрүндө жумушчулар м-н солдаттарды жазалоонун, большевиктер партиясын куугунтуктоонун демилгечиси. Петрограддагы Октябрь куралдуу көтөрүлүш күндөрүндө [25-октябрь (7-ноябрь)] Керенский-Краснов козголоңуна (1917) жетекчилик кылып, ал талкаланган соң [1(14)-ноябрь], Донго качкан. 1918-ж. Францияга эмиграцияга кетип, 1940-жылдан АКШда жашаган. Мемуарлардын, саясий изилдоолордүн автору. Россиянын 1917-жылдагы саясий тарыхы б-ча маанилүү документтерди камтыган Орус Убактылуу өкмоту, 1917: Документтер («Русское Временное правительство», 1917: Документы, vol. 1–3, 1961) жыйнагын чыгарган (амер. тарыхчы Р. П. Браудер м-н бирге), аны түзүүдө өзүнүн ишмердигинин ынгайсыз жактарын чагылдырган документтерди жыйнакка киргизбей койгон.

Чыг.: Русская революция, 1917. М., 2005; Дневник политика: революция началась. Издалека. Дело Корнилова. М., 2007.

Ад.: *Иоффе Г. З.* Семнадцатый год: Ленин, Керенский, Корнилов. М., 1995; *Басманов М. М., Герасименко Г. А., Гусев В. К.* Керенский. Саратов, 1996.

КЕРЕҢКУР (Tetrao) – каракурлар тукумундагы ири куштар уруусу. Уз. 56–85 *см*, салм. 4–5,5 *кг*, кээде 6,5 *кг*га жетет. Эркеги сайрап жаткан учурда бир аз убакыт кулагы укпай калат (аты ошондон). Полигамдар. Евразия токойлорун мекендейт. Эки түрү белгилүү: керенкур ж-а корум керен куру. КМШ өлкөлөрүндө Кар-



Керенкур: 1 – эркеги; 2 – ургаачысы.

пат, Байкал, Камчатка, Сахалинде кездешет. Өсүмдүк бүчүрлөрү, жалбыректары м-н азыктанат. Токойлор көп кыйылып, мергенчилик күчөгөндүктөн, саны азайып кеткен. Дарвин ж-а Березин коруктарында багылат. Бир түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине киргизилген.

КЕРЕТАРО, С а н т ь я г о - д е - К е р е т а р о – Мексиканын борб. болүгүндөгү шаар. Керетаро штатынын адм. борбору. Калкы 658,2 мин (2008; шаар агломерациясында 978,7 мин). К. аркылуу маанилүү федерация трассалары өтөт. Эл аралык аэропорту бар. Байыркы индейлер шаары. Ацтектер мамлекетинин курамына кирген. 1655-жылдан шаар статусуна ээ. 1726-ж. акведук курулган (1970-ж. чейин иштеген). Барокко стилиндеги кооз жасалгаланган ак сарайлар, чиркоолор, монастырлар (Ла-Крус, 1682; Сан-Франсиско, 16–17-к. ж. б.), классицизм стилиндеги Санта-Тереса чиркоосу (1803–07), театр ж. б. сакталган. Шаардын эски болүгү *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген. Мексиканын өнөр жөн. борбору. Мигранттардын эсебинен өнүгүүдө. Бизнести өнүктүрүүгө ынгайлуу шарты бар шаарлардын катарына кирет (Латын Америкасында 5-, өлкөдө 2-орунда). Машина ж-а станок куруу, металл иштетүү, тамак-аш о. ж. үчүн



Сен-Фелипе-Нери собору. 1786–1804.

жабдуу, хим. (полиэтилен, пластика идиштери), текстиль, тиричилик, а. ч. техникалары өндүрүштөрү иштейт. 2008-ж. канадалык «Bombardier» компаниясынын ишканасы (самолёттор үчүн тетиктер) расмий түрдө ачылган. К-да мексикалык ж-а чет өлкөлүк компаниялардын штаб-квартиралары жайгашкан. Ун-ттер, ин-ттар, бир нече музей бар. К-га жакын жерде Коррехидоре (Эль-Пуэблито, 1-миң жылдыктын 2-жарымы) пирамидасы, Сан-Пабло монастыры (1550–66) сакталган.

КЕРЕЧ (Angela) – чатыр гүлдүүлөр тукумундагы өсүмдүк уруусу. Эки же көп жылдык өсүмдүк. Сабагы бийик, жоон, көндөй. Түксүз, жалбырактары ири, 2–3 ирет тилкелүү, жалпы формасы тегерек же бөйрөктөй, негизинен тамыр моюнчасына топтолгон. Гүлү ак же саргыч, мөмөсү бир уруктуу, жалпак, сүйрү, канаттай, кырдуу кутуча. 50дөн (80) ашуун түрү Түн. жарым шарда ж-а Жаңы Зеландияда кездешет. Кырг-нда 5 түрү орто бийик ж-а өтө бийик тоодогу аска жаракасында, тоонун шагылдуу, жылгаяк бетинде, өзөндүн кумдак жээгинде, мөңгүгө жакын *криофиттик өсүмдүктөр* арасында өсөт. К-тин бир түрү (көп сабактуу К.) – Кырг-ндын эндемик (жергиликтүү) өсүмдүгү. Ал Сары-Жаз м-н Барскон тоолорунда гана кездешет. Илгертеден эле эл арасында айрым түрү (үчүлүктүү К.) ичеги-карын ооруларына дары катары колдонулган.

«КЕ́РЗОН ЛИНИЯСЫ» – Польшанын чыгыш чек арасы катары 1919-ж. декабрда Антантанын Жогорку Совети тарабынан сунуш кылынган линиянын шарттуу аталышы. Чек ара ж-дө Британиянын тышкы иштер министри Ж. Керзон Совет өкмөтүнө жиберген нотасында Кызыл Армиянын чабуулу белгиленген линияда (Гродно – Яловк – Немиров – Брест-Литовск – Дорогуск – Устилуг – Крылов – Грубешовдун чыгыш ж-а Рава-Русскаянын батышынан, Перемышлдан Карпатка чейин) токтотулушун талап кылган. Совет өкмөтү ага макулдугун билдирген. Британиялык дипломат Ж. Керзондун ысмынан «К. л.» деп аталган. 1939-ж. сентябрда Германия Польшаны басып алгандан кийин, Украина м-н Беларуссиянын батыш бөлүктөрү СССРге кошулуп, бул жер ж-дөгү тарыхый чындык калыбына келтирилген. Совет өкмөтү 1944-ж. 11-январдагы би[illegible]үүсүндө ж-а 1945-жылдагы Крым конф-ясы[illegible] согуштан кийинки сов.-польшалык чек [illegible] «К. л.» б-ча өтсө, аны тааный тургандыгы[illegible]лдирген. 1945-ж. 16-августта СССР м-н эл[illegible] демокр. Польшанын ортосунда келишим[illegible] коюлуп, ал б-ча сов.-польшалык чек ара [illegible]толо аныкталган.

КЕРИКТЕР (Rhinocerotida[illegible]) – сыңар туяктуу сүт эмүүчүлөр тукуму. Дене уз. [illegible]–5, бийикт. 1–2 *м*, салмагы 3,6 *тга* жетет. Дене түзүлүшү массивдүү, териси калың, жүнсүз. Башы сүйрү, көзү кичине, кулагы чоң, кыймылдуу, моюну кыска, жоон, тумшугунун үстүндө уз. 1,58 *см*ге чейин жеткен 1 же 2 мүйүзү (кара кериктики 3, кээде 5) болот. Буттары кыска, үч манжалуу, манжасы туяктуу, күчтүү, денеси салмактуу болсо дагы жакшы жүгүрөт. К-дин 4 урууга кирген 5 түрү (суматра кериги, индия кериги, ява кериги, кара



керик, ак керик) бар. Алар Африка ж-а Түн.-Чыгыш Азиянын тропик токойлорунда, саванналарда, суу жээгиндеги өсүмдүк арасында, саздуу жерде жашайт. Көбүнчө экиден жүрөт, түнкүсүн активдүү, өсүмдүк бутагы, бүрү ж. б. м-н азыктанат. Ургаачысы 2–3 жылда бир жолу 17–18 ай көтөрүп 1, чанда 2ни тууйт. 50–60 жыл жашайт. Эти ж-а майы тамак-ашка колдонулат, терисинен түрдүү буюмдар жасалат. Саны өтө азайып кеткендиктен, ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

КЕРИМБАЕВ Асанкалый (7. 2. 1950, Жалал-Абад обл., Аксы р-ну, Ренжит айылы – 10. 12. 1999, Бишкек) – обончу, аткаруучу. КРдин эл арт. (1996). Б. Бейшеналиева атн. КМИИни бүткөн (1974). Токтогул р-ндук элдик театрында (1967–69), Кыргыз мамл. драма театрында, Кыргыз ССР телерадиокомитетинде (1974–84) иштеген. 100дөй обондун автору. Чыг-лыгынын



өзөгүн жаштык, сүйүү сезимдерин ж-а табият көркүн чагылдырган обондор түзөт. «Мунарым» (сөзү А. Токомбаевдики), «Кусал[illegible]» (сөзү Ж. Мамытовдуку), «Гүлдөр гүлгө арзуу айтын[illegible]ылат» (сөзү А. Өмүрка[illegible]дуку), «Сулууга» (сөзү А. [illegible]моновдуку), «Ак булут[illegible]» (сөзү О. Султановду[illegible] ж. б. обондору кыргыз [illegible] казынасын байытты. Эл чыг-лыгынын Бүт[illegible]л союздук фестивалынын (1976), респ. карөө-конкурстардын жеңүүчүсү болгон. Ырлары «Үч кайнар» (2004) аттуу обондуу ыр жыйнагына (Р. Абдыкадыров, Э. Мааданбековдун чыгармалары м-н бирге) кирген. К-дин чыг-лык жолу «Ырга айланган өмүр» аттуу китепте (1987), «Жалгыздык» телетасмасында (2001, автору Б. Боркеев) чагылдырылган.

КЕРИМБАЕВ Сүйүн Каримович (1915, Чүй обл., Сокулук р-ну, Күн-Туу айылы – 18. 8. 2006, Бишкек) – тарыхчы, тарых илимд. доктору (1984). Кыргыз ССРинин илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (1970); Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Фрунзе пед. окуу жайын (1935), Ленинград мамл. ун-тин (1941) бүткөн. 1946–56-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын тарых музейинде директор, 1957–70-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунда бөлүм башчы, 1970–86-ж. улук ил. кызматкер, 1986–91-ж. жетектөөчү ил. кызматкер, 1991–2000-ж. ил. консультант болуп иштеген. Эмгек Кызыл Туу, Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

Эмг.: Советский Киргизстан в Великой Отечественной войне 1941–45 гг. Ф., 1985.

КЕРИМБЕКОВ Акылбек (10. 1. 1947-ж. т., Талас обл., Кара-Буура р-ну, Жоон-Дөбө айылы) – математик, физика-математика илимд. доктору (2003), проф. (2006), КРдин элге билим берүүсүнүн отличниги (1996). КМУнун физика-математика ф-тин бүтүргөн (1970–71), Жоон-Дөбө орто мектебинде математика мугалими (1970), ФПИнин ил. лабор-сында (НИЛСС) кенже ил. кызматкер (1971–72), КМУда окутуучу, улуу окутуучу ж-а доцент (1972–92), И. Арабаев атн. КМПУда физика-математика ф-тинин деканы (1992–98), Ж. Баласагын атн. КУУда кафедра башчысы (1998–2006), 2006-жылдан КРСУда проф. Жайылган параметрлүү системаларды оптималдуу башкаруу теориясы б-ча адис. 120дан ашуун ил. эмгектин автору.

Эмг.: Математические методы оптимального управления электромагнитными колебаниями. Б., 1997; Нелинейное оптимальное управление колебаниями в линиях передач. Б., 2008.

КЕРИМБЕКОВ Күлчоро (22. 12. 1922, азыркы Чүй обл., Жайыл р-ну, Кум-Арык айылы – 26. 5. 1989, Фрунзе) – живописчи, Кыргыз ССР иск-восуна эмг. сиң. ишмер (1982). Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Самарканддагы көркөм сүрөт окуу жайын (1947), И. Е. Репин атн. Санкт-Петербург живопись, скульптура ж-а арх-ра ин-тун (1953) бүтүп, Фрунзедеги С. Чуйков атн. көркөм сүрөт окуу жайында окутуучу болгон. К. пейзажда, жанрдык картинада, портретте иштеген. Камералык, лирикалык ж-а индустриялык пейзажды («Ысык-Көл кечи», «Токтогул ГЭСинин курулушу», «Чоң бетон заводу», «Бадам гүлдөдү», «Палангадагы күз», «Неман дайрасы» ж. б.) өнүктүргөн. «Жылкычы Алымкул», «Балыкчылар», «Кыргызстандын жүзү» тематикалык картиналар сериялары, А. Үсөнбаев, академик С. Табышалиев, К. Молдобасанов, С. Ногоеванын портреттери Кыргыз мамл. көркөм сүрөт ж-а Москва, Санкт-Петербург, Алматынын музейлеринде сакталуу. Ал көптөгөн жерг. ж-а эл аралык көргөзмөлөргө катышкан. Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Бишкектин бир көчөсүнө ысмы берилген (2000).





К. Керимбеков. «Токтогул ГЭСинин курулушу». 1972.

КЕРИМЖАНОВА Бүбү (1920, Ысык-Көл обл, Ак-Суу р-ну, Бөрү-Баш айылы – 1994, Бишкек) – адабиятчы, сынчы, филология илимд. кандидаты (1950), Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1954). Жумушчулар ф-тин (рабфак, 1937), КМПИнин Тил ж-а ад-т ф-тин бүтүргөн (1941). Кыргыз ССР ИАнын Тил, ад-т ин-тунда ил. кызматкер (1947–50), сектор башчысы (1950–76), 1976-жылдан ил. кызматкер болуп иштеген. К-нын «Акындын чыгармачылык жолу» (1960), «Семетей жана Сейтек» (1961, орус тилинде), «Кыргыз ыр түзүлүшүнүн кээ бир маселелери» (1964),



«Кыргыз поэзиясынын көркөм сөз каражаттары» (1968) эмгектеринде кыргыз жазуучуларынын чыг-лыгы, кыргыз ад-тынын өсүш тарыхына ж-а көркөм табиятына тийиштүү маселелер изилденген. К. – «Орто кылымдан бүгүнкү прогресстин сересине карай» (1965), «Улуу Октябрь социалисттик революциясы жана дүйнөлүк адабият» (1970), «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1970), алты томдон турган «Коп улуттуу совет адабиятынын тарыхы» (1970–74) ж. б. эмгектердин авторлорунун бири. 10-класс үчүн «Кыргыз совет адабияты» окуу китебин түзүүгө катышкан. К. – 40тай ил. эмгектин, 100дөн ашуун ил. макаланын автору. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

КЕРИМКУЛОВ Медетбек Темиркулович (28. 1. 1949-ж. т., азыркы Чүй обл., Ысык-Ата р-ну, Кең-Булуң айылы) – мамл. ишмер. 1972-ж. ФПИни бүтүргөн. 1972–74-ж. Кыргыз ССРинин



А.-ч. курулуш министрлигинде мастер, прораб, 1974–82-ж. Токмок курулуш-монтаж трестинде улук инженер, башкы инженер, начальник, 1982–84-ж. Токмок шаардык өк. ж. болумунун башчысы, 1984–85-ж. эл депутаттарынын Чүй р-ндук советинин төрагасынын орун басары, 1985–90-ж. Токмок курулуш-монтаж трестинин башчысы, 1990–91-ж. Токмок шааратком унун төрагасынын орун басары, 1991–92-ж. Токмок шаардык советинин төрагасы, 1992–95-ж. Токмок, Ош шаардык мамл. администрацияларынын башчысы, 1995–99-ж. Бишкек ш-нын мэринин 1-орун басары, 1999–2005-ж. Бишкек ш-нын мэри, 2005–06-ж. КРдин 1-вице-премьер-министри, 2006–07-ж. КРдин ө.-ж., соода ж-а туризм министри, 2011-жылдан Токмок ш-нын мэринин милдетин аткаруучу. 3-даражадагы Манас ордени м-н сыйланган.

КЕРИМОВА Наталья Равильевна (1961-ж. т., Нарын обл., Жумгал р-ну, Мин-Куш шаарчасы) – медицина илимд. доктору (1998), проф. (2002). КММИни (1984), Кырг-н акушерлик ж-а педиатрия ИИИнин аспирантурасын (1987) ж-а докторантурасын (1991) бүтүргөн. Кырг-н акушерлик ж-а педиатрия ИИИде кенже, улук ил. кызматкер, болум башчысы болуп иштеген (1991–2001). 2001-жылдан КРСУда проф. Акушерлик ж-а гинекология, лазер м-н дарылоо б-ча адис. 80ден ашык ил. эмг., а. и. 1 монографиясы, 6 ойлоп табуусу бар.

Эмг.: Пути прогнозирования и профилактики поздних гестозов (в соавторстве). Б., 1993; Диагностика и прогностическая значимость лабильности структурообразования крови при ОПГ кетозе. Б., 1998; Лазеротерапия ОПГ – гестоза (в соавторстве). Б., 1998.

КЕРИМСЕЛ (ар. керим – ысык, сел – агым; ысык агым) – жай мезгилинде болуучу кургак, ысык (20–25°С) жел. Мелүүн алкактын талаа ж-а жарым чөл зоналарына, айрыкча Каспий бою ойдунуна ж-а Казакстанга мүнөздүү. Аба ырайынын антициклондук режиминде пайда болот. Ылдамдыгы 5–20 *м/сек*, [illegible]ыштырмалуу нымдуулугу 30% ке чейин. К. бүнчө бир нече суткага чейин гана болуп, у[illegible]ка созулбайт. Жогорку темп-ра ж-а абаны[illegible]нымдуулугу жерг. аба массасынын трансформациясына алып келет. К. жүргөндө буулан[illegible]күчөп, топуракта ным жетишпегендиктен, [illegible]ч-га чоң зыян келтирет. К. Кырг-ндын кургакчыл аймактарына да мүнөздүү.

КЕРКИ – жыгаччылыкта ж-а үй-тиричилигинде урунулуучу болот аспап. Жыгач (комуз, ээр ж. б.) чабуу, кертүү үчүн колдонулуп, чот сымал жасалат. Анын аталгы К., чот К., байтеше ж-а аштама К. деген түрү бар. Сабы көбүнчө четин, кайың, арча, ыргай, талдан жасалат.

КЕРКИ-ДӨҢ – Ош обл-нун Араван р-нундагы кыштак. Төө-Моюн айыл округуна караштуу. Деңиз денг. 645 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Араван кыш-нан 50 *км* түш.-батыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. бекетинен 50 *км*. Кыштак 1900-ж. негизделген. Калкы 1729 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, ФАП, клуб бар.

КЕ́РКИРА – Грекиядагы шаар. Керкира номунун (адм.-айм. бирдик) адм. борбору. Керкира (Корфу) а-нда жайгашкан. Калкы 25,6 мин (2008). Иония деңизиндеги порт. Эл аралык аэропорту бар. Б. з. ч. 4-к-да негизделген. 19-к-дын неоклассикалык арх-ра комплекстери м-н айырмаланат. Шаардын борб. болүгүндөгү ө. кылымдын курулуштары *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. Шаар ландшафтынын эки доминантасына Эски (Пале-Фьорио) ж-а Жаңы (Нео-Фьорио) венециялык чептер кызмат кылат. Эски чепте (1550–59; учурда музей) Ыйык Георгий чиркөөсү ж. б. жайгашса, жанысында туризм өнүгүп, Грекиянын Аскер-деңиз флоту жайгашкан. К-нын башкы аянтын-

Шаардын жалпы көрүнүшү, арткы планда эски чеп.



да Ыйык Михаил ж-а Георгий ак сарайлары (1819–24), муз. павильон, монумент, чиркөөлөр, Агиа-Керкира базиликасынын урандылары ж. б. бар. Шаардын экономикасынын негизин турист бизнеси [illegible]өт. Тамак-аш (сүт, эт, майсыр; кинкандай ликёр даярдалат), текстиль ө. ж. ишканалары ж-а самын кайнатуучу з-д иштейт. Деңиздеги балык кармалат. Иония университети (1824, Иония академиясы; 1985-жылдан азыркыдай аталат), музейлер (а. и. археол., карапа, банкнот ж. б.), иск-во галереясы, театрлар бар. Фестивалдар ж-а жыл сайын карнавалдар (17-к-дан) өткөрүлүп турат. Аквапарк курулган. Шаардын түштүгүндө Артемида дорий (б. з. ч. 6-к-дын башы) ж-а Гера храмдарынын урандылары (б. з. ч. 4-к.) ж. б. сакталган. К-дан батышта маанилүү курорт борбору Палеокастрица жайгашкан.

КЕРМА́Н – Ирандын түш.-чыгышындагы шаар. Керман останынын (адм.-айм. бирдик) адм. борбору. Кухбенан кырка тоосунун этегинде, деңиз денг. 1900 *м* бийиктикте жайгашкан. Калкы 521,7 миң (2008). Жолдор тоому. Кум – Керман т. ж-нун акыркы пункту. Аэропорту бар. Алгач Геродоттун эмгектеринде эскерилет. 1298-ж. «Марко Поло китебинде» сүрөттөлгөн. 1720-ж. афгандардын убактылуу бийлиги үстөмдүк кылган. 1791–94-ж. курддар династиясынын акыркы резиденциясы. 1842-ж. кажарлар бийлигине каршы Ага-хан I жетекчилик кылган исмаилиттер көтөрүлүшүнүн борбору болгон. Үч кумпалуу Шах (11–12-к.), Соборлуу (14-к.) ж-а Паменар (1390) мечиттери, Кожо-Атабек мавзолейи (12-к.), Гомбеде-Жабалие мунарасы, Ибрагимхан медресеси (1816–17) ж-а Вакиль базары (19-к-дын 2-жарымы) сакталган. Ун-т, музей (этногр. ж. б.) бар. Текстиль (жүн кездеме), тамак-аш, курулуш материалдар ө. ж. ж-а хим өндүрүшү ж-а К-га жакын жерде жез иштетүүчү комбинат (Серчешме) иштейт. Салттуу кустардык өндүрүшү ж-а кол өнөрчүлүк (килем токуу, көркөм карапа ж. б.) өнүккөн. К-ныи айланасынан таш көмүр, темир казылып алынат. К-дан 35 *км* түштүктө Нуроддин Ниматолла мавзолейи (19-к.; Махан шаар айланасында) ж-а Жебели-Санг кумпалуу мавзолейи (таштан курулган; 1213) жайгашкан.

КЕРМАНШАХ, мурдагы Бахтаран – Ирандын батышындагы шаар. Керманшах останынын адм. борбору. Загрос тоосунда, деңиз денг. 1600 *м* бийиктикте, Тегеран – Багдад (Ирак) автомагистралынын жээгинде жайгашкан. Калкы 800,4 миң (2008). Жолдор тоому. Аэропорту бар. Шаарды 4-к-да Сасаниддер династиясынын шахы Бахрам IV негиздеген. Алардын жайкы резиденциясы болгон. 11-к-да селжуктардын бийлиги астында туруп, Күрдстандын ө. ж-луу башкы шаарына айланган. К. 1980–88-ж. Иран – Ирак согушунда жабыркаган. Ун-ттер (Рази, 1974; Мед. илимдер, 1986), этнология музейи бар. Маанилүү соода-ө. ж. борбору. Нефть ажыратуу, жеңил (текстиль, булгаары-бут-кийим ж. б.), тамак-аш (а. и. кант), айнек ө. ж. жана курулуш материалдар (цемент) өндүрүшү иштейт. Килем токулат. К-тан 5 *км* түн.-чыгышта Таге-Бостан комплекси (аска бетиндеги 385 майда, 600гө жакын оюк үнкүрлөрдөн турат) ж-а 30 *км* аралыкта дүйнөдөгү эң коломдүү аска жыл баяны жайгашкан (к. *Бехистун жазмасы*).

КЕРМЕ, ж а а – 1) көркөм кол өнөрчүлүктүн өрмөкчүлүк багытында колдонулуучу аспап. Ал – жаа түрүндөгү жыгач. Жыгачтын эки учу жоон кайыштар м-н тартылып, ага жыгачтан жасалган сыдыргы кийгизилет. Керилген кайышка ичке тал-тал болуп тилинген көктү өрүшкөн; 2) эки боз үйдүн аралыгындагы кош мамынын ортосуна 1–1,5 *м* бийиктикте керилген аркан. Ага таң ашырылуучу күлүк, суутулуучу аттар байланган.

КЕРМЕКТЕР (Plumbaginaceae) – эки үлүштүү өсүмдүктөрдүн тукуму. Көп же бир жылдык чөп ж-а чала бадал. Жалбырагы жөнөкөй, сабакта кезектешип жайгашат, алардын жээги тегиз, сүйрү же тасмадай, кээде ичке, тикендей, чанда канаттай тилкелүү. Гүлү туура түзүлүштүү, эки жыныстуу, чөйчөкчөсү 5–10, өсүмдүк бышып жетилгенде деле кубулуп түшпөйт, бири-бири м-н бириигип, 5–10 болуктүү түтүкчөнү түзөт, көбүнчө мала же күлгүн кызыл. Желекчелери 5, өз-өзүнчө болуп, бириигип оспейт, кээде түп жагы эле түтүкчөдөй. Аталыгы 5, үстүнкү энеликтүү, ал беш мамычалуу, тоголок чаң алгычтуу. Мөмөсү – бир уруктуу, капкакчалуу кутуча. Желекчелери күлгүн, мала, кочкул кызыл, сары же ак. Топ гүлү машакчадай, шыпыргыдай, чанда тоголок, алар жалбырексыз, узун сабакка чогулган. К-дин 15 уруусу, 500 түрү Түн. жарым шардын тропик эмес болүгүндө негизинен Евразия, Жер Ортолук деңиз жээгинде кездешет. Кырг-нда 4 уруусунун 40тан ашуун түрү жарым чөлдө, кургак боздондо, таштак адырда, кээде шордуу такырда өсөт. Айрым түрү ашаткыч, боёк алынуучу ж-а коз өсүмдүк катары колдонулат.

КЕРМЕ ТОО – созулуп жаткан узун тоо кыркасы; Кырг-ндагы тоолорго мүнөздүү жалпы ат; *Теңир-Тоо, Ала-Тоо* оронимдеринин синоними. Рельефтин бул формасы м-н Түш. Кырг-ндагы жапыз жетим тоолордун тизмеги, кыштак ж. б. жерлер аталган.

КЕРМЕ-ТОО – Ош обл-ндагы кыштак. Ош шаар кеңешине караштуу Жапалак айыл округунун курамында. Облустун борбору Ош ш-нан 6 *км* батыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 7 *км*. Кыштак 1950-ж. негизделген. Калкы 1631 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Тамеки кабыл алуучу пункт, мад-т үйү, оорукана, дарыкана бар. Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, соода түйүндөрү, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, тамактануу жайлары иштейт.

КЕРН – кенташтын же тоо тектердин колонкалуу бургулоодон пайда болгон үлгүсү. Кенташ, тоо тектери алкак түрүндө тегерек бургуланып, колонканын ичинде калган бөлүгү өз алдынча үзүлүп алынат. Аны К. дейбиз.

КЕРНЕЙ (ар. кар – мүйүз, фарсча най – түтүк) – үйлөмө муз. аспап. О. Азия ж-а Ж. Чыгыш элдерине тараган. Жезден жасалат. Жалпы уз.



2,5–3 *м*. К. азыркы учурда өзбек, тажик элдеринде негизинен аш-тойлордо, кээде эл аспаптар оркестринде да ойнолот.

КЕРОСИ́Н (англ. cerosene) – нефтини буулантып айдоодо ж-а крекингдөөдө 180–320°Сге чейин кайнап бөлүнө турган углеводород аралашмасы. Түссүз же саргыч келген тунук суюктук. Тыгызд. 0,775–0,850 *г/см*^{3}. Тутануу темп-расы анын фракциялык курамына жараша болот, б. а. К-дин курамында жогорку темп-рада кайноочу фракциясы канчалык көп болсо, ошончолук жогорку темп-рада тутанат. К-дин курамындагы углеводороддор К. өндүрүлгөн нефтинин курамына ж-а аны өндүрүү технологиясына жараша болот. Авиацияда колдонулуучу К-де ароматтык углеводороддор 20–23%, чексиз углеводороддор 2,4%тен жогору болбоо керек. Трактор моторун иштетүүчү К. – нефтини ж-а анын аралашмасын буулантып айдоодон алынган 110–300°Сге чейин кайноочу фракциясы. Жарык берүү үчүн колдонулуучу К. метан углеводороддоруна бай нефтини буулантуудан алынат. К. реактивдик, трактор моторлорун иштетүүчү, турмуш-тиричиликте жарык ж-а жылуулук берүүчү суюк отун ж. б. катары кеңири колдонулат.

КЕРУА́К Жэк (12. 3. 1922, Массачусетс, Лоуэлл – 21. 10. 1969, Флорида, Сент-Питерсберг) – амер. жазуучу. «Жолдо» (1957), «Жер алдындагы адамдар», «Дхарма селсаяктары» (экөө тең 1958), көп томдуу «Дюлоуздун койрондүгү» (1968) романдар циклинин автору. Ал «Биг Сур» (1962) романында 1950-жылдардагы Америкадагы «Болүнгөн муундун» кризисин чагылдырган.

КЕРЧӨӨ – союлган койдун төш этин териси м-н тегерете оюп, кесилип алынган майлуу кыртышы. К-нүн жүнүн кыркып, эт жагын узун-туура тилип, туз себет да, ичке таякчага тепчий сайып, отко куйкалап, кактап бышырат. К. – чүйүгүн тамактардын бири.

КЕРЧЬ – Украинадагы шаар. К-ге Улуу Ата Мекендик согушта көрсөткөн баатырдыгы үчүн «Баатыр шаар» деген ардак наам (1973) берилген. Крым Автономиялуу Республ-нын аймагында. Керчь кысыгындагы порт. Калкы 149,7 мин (2008). Жанкыт – Керчь т.-к-нун акыркы т. ж. бекети. Темир кени казылып алынат (Камышанск-Бурунск комбинатында иштетилет). Металлургия, кеме куруу жана ремонттоо, тамаш – татымал (а. и. балык белендөө) ө. ж. ишканалары иштейт. Б. з. ч. 6-к-да негизделип, Пантикапей аталган. Ал б. з. ч. 5-к-дын башынан б. з. 4-к-нын аягына чейин Боспор мамлекетинин борбору болгон. 1475-ж. түрктор басып алган. 9–11-к-да Корчев аталып, Россиянын курамына кирген. К-тин аймагында Улуу Ата Мекендик согуш учурунда катуу салгылаштар жүргөн. Театр, тарыхый-археол. музей, Ажимушкайды коргоодо курман болгон баатырлардын мемориал ансамбли бар. Мелек-Чесмен коргону (б. з. ч. 4-к.), Деметр склепи (б. з. 1-к.), Иоанна Предтечи чиркөөсү (10–13-к.) сакталган.



Шаардын жалпы көрүнүшү.

КЕРЧЬ ЖАРЫМ АРАЛЫ – Крым ж. а-нын чыгыш бөлүгү. Түндүгүнөн Азов, түштүгүнөн Кара деңиздери, чыгышынан Керчь кысыгы м-н чулганат. Аянты 3 миң *км*^{2}. Түн.-чыгышы добөдөнсөөлүү (бийикт. 190 *м*ге чейин), түш.-батышы түзөн. Баткак жанартоолору, Керчь темир бассейни бар. Ири шаары ж-а порту – Керчь. Көп бөлүгү айдоо, анда дан, тех. ж-а бакча өсүмдүктөрү, жүзүм өстүрүлөт. Жарым аралды б. з. ч. 5-к-дан б. з-дын 4-к-на чейин Боспор мамлекети ээлеген.

КЕРЭЭЗ – 1) дүйнөдөн өткөн адамдын артында калган жакындарына калтырган өтүнүчү, аманаты, кеңеши, арман-асирети, коштошуу сөзү. К. тирүүлөр тарабынан сөзсүз түрдө аткарылууга тийиш деп эсептелинет; 2) адамдын ал өлгөндөн кийин өз мүлкү кандайча тескелиши керек экендиги ж-дө мыйзамда белгиленген формада, жазуу түрүндө жасалган каалоо-буйругу. Ал документ милдеттүү түрдө нотариат же ага тендештирилген мекеме-уюм тарабынан күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

КЕРЭЭЗ ЫРЛАРЫ – оозеки чыг-лыктагы *каада-салт ырларынын* түрү. Өлүм алдында жаткан адам балдарына, жакындарына, тууган-туушканына акыл-насаат, арман иретинде керээз айтат. Ошондуктан ага чоң маани берилип, көркөм ырга, жомокко айландырылган. Жомоктордогу, эпостордогу К. ы-нда баатырларга элди жоодон коргоо, ынтымагын сактоо тапшырылат. Эпикалык чыгармаларда каармандар ошол чыгармалардын өзүндө да айтат (мис., «Манас» эпосундагы «Көкөтөйдүн керээзи», «Манастын Каныкейге айткан керээзи», «Курманбек» эпосундагы «Курманбектин досу Акканга айткан керээзи», «Сарынжи-Бөкөй» дастанындагы «Жамгырчынын Бөкөйгө Саринжини табыштаган керээзи» ж. б.).

КЕ́САРЬ КЕСУУ (лат. sectto caesarea) – курсактагы баланы ж-а тонун алуу үчүн курсакты ж-а жатынды кесип, операция жасоо. Аял табигый жол аркылуу өз алдынча торой албаган учурда (жамбаш чарасы кууш, жатын айрыла турган учурда), о. эле аялдын катуу оорусунда (мис., жүрөк кемтиги, көздүн тор кабыкчасынын сыйрылышы ж. б.) жасалат. Кан көп кетип, бала ичтен өлүп калган учурда да эненин өмүрүн сактоо үчүн да бул операция жасалат.

КЕСЕК – ичкиликтер тобундагы уруу (к. *Булгачы уруулук бирикмеси*).

КЕСЕК – Ош обл-нун Араван р-нундагы кыштак. Мангыт айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 910 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Араван кыш-нан 12 *км* түш.-чыгыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 26 *км*. Калкы 1002 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, медпункт бар.

КЕСЕК ТОЮТ – чөп өсүмдүктөрдөн даярдалган, клетчаткасы көп (25–45%) кургак тоют. Ага чөп, саман, топон, бүчүр ж. б. кирет. Мал кышкы тоют рационунун жарымына жакын тоют бирдигин ж-а аш болумдуу протеинди К. т-тан алат. Жаш малдын тоют синирүүчү органдарын өөрчүтүү үчүн аларды жаш кезинен эле К. т-ка үйротот. Чөптүн аш болумдуулугу жогору. Мис., 100 *кг* кара беде, кашка беде, эспарцеттин ж-а кызыл от чөптөрүндө 50дөн ашык тоют бирдиги бар. Чанактуу, кылкандуу чөптүн түрлөрү минерал заттарга, углеводдорго ж-а протеинге бай. Гумендик тоюттардан кылкандуу эгиндин саманы аш болумдуу келет. 100 *кг* буудай саманында 22, сулуунукунда 31, таруунукунда 40 тоют бирдиги бар. Күздүк эгиндерге караганда жаздык эгиндин саманы аш болумдуу келет. Саманды нымдап, минерал туздарды кошсо, мал жакшы жейт. Рациондогу К. т-тун өлчөмү малдын түрүнө, жашына ж-а кунардуулугуна жараша белгиленет.

КЕСИЛГЕН КО́НУС – конусту негизинин тегиздигине жарыш (параллель) тегиздик м-н кескенде пайда болгон геом. нерсе; конустун негизи ж-а туура кесилиши м-н чектелген бөлүгү. Негизинин радиусу r_1, туура кесилишинин радиусу r_2, бийиктиги h болгон К. к-тун көлөмү: $V_{к.к.}=\pi h(r^2+R^2+rR)/3$.



КЕСИЛГЕН ПИРАМИ́ДА – пирамиданы негизинин тегиздигине жарыш (параллель) тегиздик м-н кескенде пайда болгон геом. нерсе; пирамиданын негизи ж-а туура кесилиши м-н чектелген бөлүгү. К. п-лар негиздери б-ча айырмаланат. Мис., негизи төрт бурчтук болсо, анда төрт бурчтуу К. п. болот (к. чийме). К. п-нын көлөмү: $V=\frac{1}{3}H(S+s+\sqrt{Ss})$, мында S ж-а s – негиздеринин аянты, H – бийикт. Кесилген туура пирамиданын каптал бетинин аянты: $S_{к.б.}=(P+p)a/2$, ал эми толук бетинин аянты: $S_{т.б.}=S_{к.б.}+S_1+S_2$, мында P ж-а p – негиздеринин периметрлери, a – апофемасы, S_1 ж-а S_2 негиздеринин аянттары.



КЕСИЛГЕН ПРИ́ЗМА – *призманын* негизинин тегиздигине жарыш (параллель) эмес тегиздик м-н кескенде пайда болгон геом. нерсе; призманын ошол кесилиши ж-а негизи м-н чектелген бөлүгү. К. п-нын көлөмү $V=S\cdot h$, мында S – негизинин аянты, h – кесилиштин ортосунан негизине түшүрүлгөн бийиктик.



КЕСИЛГЕН ЦИЛИ́НДР – *цилиндрди* негизине параллель эмес тегиздик м-н кескенде пайда болгон геом. нерсе; цилиндрдик беттин эки параллель тегиздик м-н чектелген бөлүгү.

КЕСИНДИ, с е г м е н т (матем.) – А ж-а В чекиттерин туташтырган (А ж-а В чекиттерин кошо эсептегенде) түз сызыктагы чекиттердин көптүгү. К-нин чекиттеринин координаталары $a\le x\le b$ шарттарын канааттандырат (a ж-а b – К-нин эки учунун координаталары). К. $[a, b]$ м-н белгиленет. А ж-а В чекиттери кесиндинин учтары деп аталат, к. *Сегмент*.

КЕСИПТИК ООРУЛАР – эмгек шартынын организмге тийгизген таасиринен ж-а кесиптик зыяндуулуктан пайда болгон оорулар. Оорунун түрү кесипке же иштеген шартка жараша болот (мис., силикоз, антрако-силикоз, асбестоз, туберкулёз ж. б.). Ишканадагы аба, санит. шарттын начарлыгы, темп-ра, чаңдуулук, дүрүлдөө, дирилдөө, күн нуру ж. б-дын таасиринен пайда болот. О. эле хим. заттар (*коргошун, марганец, сымап, анилин, бензол*) м-н уулануу, нурга чалдыгуу, жугуштуу ылаң (*шарп, күйдүргү, бруцел-*

лёз ж. б.) м-н ыландаган малды багуу, дарылоо ж. б-дан болот. Кесипчиликке байланыштуу зыяндуу таасирлерге каршы чараларды жүргүзүү, жумуш күнүн кыскартуу, кошумча эс алуу күндөрүн, бекер тамак-аш берүү, ден соолукка таасирин тийгизүүчү зыяндуу факторлорду азайтуу, өз маалында мед. кароодон өткөрүү ж. б. иш-аракеттер К. о-дын азайтууга шарт түзөт. Алдын алууда зыяндуу жерде иштегендерге эмгекти коргоо ж-а коопсуздук техникасын туура сактоо чоң мааниге ээ.

КЕСИПТИК ЖУМУШЧУ СТА́НЦИЯ, кесиптик жумушчу станциясы (англ. Professional workstation) – сандык ж-а *интегралдык схеманын* дизайны, арх-ралык чиймелер, тех. долбоорлоо ж-а чиймелерди иштеп чыгууда кесиптик колдонмолорду оптималдаштыруучу жогорку өндүрүмдүү жеке компьютер. К. ж. с-лар демейде чоң экрандуу, кубаттуу микропроцессорду колдонот ж-а чоң өлчөмдүү эске ээ. К. ж. с. жеке компьютерлерге караганда кымбат ж-а демейде Unix иштетүү системасынын башкаруусу м-н иштейт. Жумушчу станциялардын акыркы моделдери м-н жогорку өндүрүмдүү жеке компьютерлер арасындагы айырма барган сайын азаюуда. Себеби жеке компьютерлердин кубаттуулугу жогорулоодо.

КЕСИПТИК ЛЕ́КСИКА – белгилүү бир кесипке таандык болуп айтылган сөздөр. Мис., врач, хирург, уролог, дарыкана, операция ж. б. медицина кызматкерлерине; живопись, графика, скульптура, портрет ж. б. сүрөтчүлөргө; очерк, аңгеме, повесть, поэзия, роман ж. б. жазуучуларга таандык.

КЕСКЕЛДИРИКТЕР (Sauria) – түрпүлүү сойлоочулар түркүмчөсү. Денеси капталынан кысыңкы же тоголок, түрдүү түстө. Териси түрпүлөр м-н капталган. Уз. 3,5 *см*ден 4 *м*ге (эчки эмер) жетет. Үстүнкү жаагы баш сөөгү м-н биригип өскөн. Гекондор м-н агамалардын тили жазы, эттүү, эчки эмерлердики узун, бир аз ачаланган, хамелеондорду өтө узун, учу калың. Айрымдарынын буттары жакшы, кээ бириники начар өөрчүгөн же такыр жок. Жуп копулатив органы бар. Көпчүлүк К. куйругун кесип таштайт (к. *Автотомия*). К-дин кыйла түрү жер бетинде, кумга көмүлүп, айрымдары даракта (жерге чанда түшөт) жашайт, кээ бири учууга жөндөмдүү. К-дин 20 тукуму (гекондор, түрпү буттуулар, агамалар, эчки эмерлер, уу тиштер, хамелеондор, кадимки кескелдирик ж. б.), 4000 түрү бардык континентте (Антарктидадан башка) таралган. КМШ өлкөлөрүндө 6 тукуму, 18 уруусу, 80дей түрү бар. Алар курт-кумурска, кээде майда омурткалуулар, чанда өсүмдүк м-н азыктанат. К. негизинен жумуртка тууйт, жумуртка тирүү ж-а тирүү туучулары да бар. Жылына 3–4 жолу 35тей жумурткасын таштайт. Айрым К-дин эти желет, терисинен түрдүү буюмдар жа-



салат. 36 түрү ж-а түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

КЕСКЕН-ТАШ – Баткен обл-нун Кадамжай р-нундагы кыштак. Көтормө айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1280 *км* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Пүлгөн кыш-нан 18 *км*. Исфара (Тажикстан) т. ж. бекетинен 55 *км*. Калкы 1442 (2007); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп бар.

КЕСКИН КОНТИНЕНТТҮҮ КЛИ́МАТ – континенттик климаттын суткалык ж-а айлык орт. темп-расынын, о. эле айрым метеорол. көрсөткүчтөрдүн өтө өзгөрүлмөлүүлүгү м-н айырмаланган түрү. Айлык орт. темп-ра кээде 70°Сден ашып кетет. К. к. к-ка жаан-чачындын аз жаашы (көбүнчө 100 *мм*ден аз), абанын нымдуулугунун төмөндүгү, бир аз булуттуулук, буулануунун көптүгү мүнөздүү. Адатта, К. к. к-туу аймак материктин борб. бөлүгүндө (мис., Азиянын борб. бөлүгүндө), өзгөчө тоо аралык ойдундарда жайгашат. Бул климатка мүнөздүү аймак – Чыгыш Сибирь; андагы Верхоянск – Оймякон аймагы Түн. жарым шардын суук уюлу, анда январдын орт. темп-расы −50°Сге, абс. мин. −70°Сге жетет. Кырг-дын аймагында да К. к. к. мүнөздүү жерлер бар. Мис., *Ак-Сай ороону*. Анда январдын орт. темп-расы −29°С, июлдуку 8°С, абс. мин. −53,6°С (Кырг-ндын «суук уюлу»). Жылдык жаан-чачыны 257 *мм*.

КЕСМЕ – жука жайылган камырдан ичке кесилип, шорпого салына турган азык ж-а андан бышырылган ысык тамак. Буудай унуна туз, кээде жумуртка кошулуп, катуу жуурулган камырды жакшылап ийлеп, ийи жеткенде саамга тыныктырып коёт. Андан кийин чактап үзүп алып, аш тактанын бетине үбөлүк м-н тегиз жукартып жаят. Жайылган камыр жабышпасын үчүн ун сээп, үболүкко ороп, кат-кат бүктөйт да, ичке кесет. К-ни силкип, супаранын бетине жайып, тоборсугандан кийин унун күбүп, кай-



нап жаткан сорпого салат. О. эле кой (уй) этин бөртүп туурап, майга кууруп, коруш-татымалдарды кошуп, үстүнө керегинче суу куюп, кайнаган шорпого К. салынып жасалган суюк тамак да К. деп аталат. Сүткө бышырылса сүт К., нак шорпого бышканы шортек К., кымыз, сүт, айран же сүзмө кошулганы катыктал[illegible] К., куурулганы куурма К. делет. Учу[illegible] технол. жол м-н чыгарылган К-нин түрү көп[illegible]түдө.

Ад.: *Боорубае[illegible]* Кыргыз даамы. Ф., 1984.

КЕ́СОН-СИ́ТИ – Филиппиндеги шаар. Лусон а-нын борб. бө[illegible]түндө, Түш.-Кытай денизиндеги Манила бу[illegible]сынан чыгышта жайгашкан. Калкы 2,3 млн (2008); калкынын саны ж-а ээлеген аянты жагынан Чоң Манила конурбациясынын (калкы 11,0 млн) курамына кирген шаарлардын эң ириси. Шаар 1939-ж. негизделген. 1948–76-ж. өлкөнүн расмий борбору болгон. Женил, тамак-аш, хим. ж-а металл иштетүү өн. ж. ишканалары иштейт. Геология илимдери ж-а тоо иштери бюросу (1898), Вулканология ж-а сейсмология (1952), Ядро изилдөө ин-ттары (1958), Инновация ж-а технология региондук билим берүү борбору (1970), 25 ун-т кампуста-



Шаардын жалпы көрүнүшү. «Аранета Колизеум» спорт сарайы.

ры, сүрөт галереясы, музей комплекстери бар. Зоопарк ж-а жапайы табигый паркы уюштурулган. Өлкөнүн 1-президенти М. Л. Кесондун ысмынан аталган.

КЕС-СЕҢИР – Күнгөй Ала-Тоонун түш. этегинде Ысык-Көлгө эңкейиш кыр, көлгө кирип турган тумшук. Ысык-Көлдүн түн. жээгинин дал ортосунда, Чоң Сөгөттү ж-а Кичи Сөгөттү суулларынын аралыгында жайгашкан. Уз. 4 *км*, эң жазы жери 2,5 *км*, деңиз деңг. 2000–1600 *м* бийикте. Жериниин бети аска-таштуу, капталдары көбүнчө тик. Тикендүү майда бадалдар, чогойно, шыраалжын ж. б. өсүмдүктөр өсөт. Негизи силур, девондун граниттеринен, эки жагы олигоцен, миоцендин конгломерат, алевролит ж. б. тоо тектеринен турат. Кол жээгиндеги жолду тороп, жүргүнчүлөрго тоскоол болгондуктан, сенирдин жапыз жерин оюп, кесип жол салынган. Бул кыр илгери эле К.-С., ал эми жолдун өткөн жери Кескен-Бел аталган делет. Номендин экөө тең 19-к-дын 1-жарымында эле болгон; 1856–60-ж. тартылган карталарда топоним Кессенгир, Кесексенгир, Кисенгыр, Ч. *Валихановдун* эмгектеринде (1856–61) Керсенгир, Кисенгыр түрүндө кезигет. К.-С. «Пришиб» деп да жазылып жүрөт. Почта тартуу, жол катнашы үчүн 1870–71-ж. К.-С-дин тумшугун жарып жол салынган.

КЕСТИК – кынга салынып, курга байлануучу бычак. Шамшардан чаканыраак, жалкыны калынча, темири курч металлдан, сабы мүйүздөн же жыгачтан, толтосу темирден жасалган. Ти-



ричиликте, мергенчиликте ж-а жоокерчиликте керектелген.

КЕСҮҮЧУ СТАНО́К – материалды атайын бөлүктөргө бөлүп же ашыкча жерин алуу үчүн арналган металл шайман. К. с-тун кесүүчү автоматтардан айырмасы төмөнкүлөр (жумушчу шайманы – кескич): эндүү бычактары бар кескич, токардык кесүүчү станок; араасы тоголок фрезалык кесүүчү станок (калындыгы 4–12 *мм* ж-а диаметри 350–1500 *мм*); араасы тасмалуу кесүүчү станок, о. эле, чанда колдонулуучу, тиши жок фрикциялык (сүрүлүп аракетке келүүчү) араалуу станок. Катуу металлдар электр учкундуу, ультра үндүү же лазердик иштетүүчү станоктордо кесилет.

КЕ́ТА (Oncorhynchus keta) – лососстор тукумундагы балык. Жыл мезгилине жараша жайкы ж-а күзгү К. деп бөлүнөт. Жайкысынын дене уз. 60 *см*дей, салмагы 2,5 *кг*дай. 3–5 жашында жетилет. Өрдөөсү августта башталат. 3 миңге жакын урук таштайт. Өрдөө убагында азыктанбайт, эркек, ургаачысынын кебетеси өзгөрөт. Күзгү К-нын уз. 90 *см*дей, салмагы 4,5 *кг*дай, жыныстык жактан 4 жашында жетилет, ноябрь–декабрь айларында уругун таштоо үчүн 2 млн *км*ге чейин өрдөйт, 4 миңге жакын икра таштайт. Алар уругун таштагандан кийин өлөт. Балык чарбасында маанилүү.

КЕТ БУКА (өзүнүн аты Бука) – болжол м-н 13-к-дын 1-жарымында Чыңгызхандын жортуулу учурунда жашаган акын. Ысымы уламышка айланган бул адам эл оозунда «очкөн көңүлдү толкуткан улуу ырчы», комузчу, чечен гана болбостон, эл бийлеген бий, кара кылды как жарган калыс, ар кандай чыр-чатактын түйүнүн чече билген даанышман катары мүнөздөлөт. Кыргыздын найман уруусунан чыккан. Ал ж-дө сан-

жыра, уламыш, күү, легенда ж-а тектеш элдердин (ногой, казак) фольклорунда да маалыматтар сакталып калган. Чыңгызхандын улуу баласы Жучунун (Жучи) өлгөнүн (ал 1227-ж. каза болот) табышмактуу ыр м-н К. Б. угузган делет. Ырдын алгачкы тексти 13-к-да кыпчак талаасынан белгисиз перс автору тарабынан жазылып алынып, «Түрктөрдүн ата-теги» аттуу жыйнакка ж-а араб тарыхчысы Ибн-Аль-Асирдин (1323-ж. каза болгон) жылнаамасына кирген. Перс авторунун берген маалыматына караганда, Жучу Чыңгызхандын балдарынын эң улуусу болуп, атасы өтө жакшы көрүп, кадырлоочу экен. Анын өлгөндүгү ж-дө ордого кабар келгенде эч ким даап айта албай, ырчыны чакыртып келишет. Ал табышмактатып отуруп, баласынын өлгөнүн атасына туюнтат. Уулу өлгөндөн алты айдан кийин Чыңгызхан каза болот. Угузуунун мазмунунан анын орду Дашт-Кыпчак талаасы экендиги ачык көрүнөт. Негизинен ушул чыгармадан башат алган варианттар казак, ногой фольклорунан да катталган. Бирок, угузуунун кыргыз фольклорунда айтылышы ногой, казак нускаларынан кескин айырмаланат. Кыргыз фольклорунда бул угузуу өз алдынча өнүккөн чыгарма болуп калган. Кара сөз түрүндө эки, ыр түрүндө төрт варианты бар, ар бири мазмуну, көркөмдүгү, стили жагынан такталып, калыптанып бүткөн чыгарма болуп саналат. Дээрлик бардык нускада угузган ырчы К. Б. же Бука (ногойлордо Кет Бука) аталып, акындык дараметинин күчтүүлүгү, комуздун мундуу ыргагы м-н оор кайгыны айта билүү, туюндуруу устаттыгы, аткаруу чеберчилиги м-н окуяны Чыңгызханга жеткирип, өз сөзүн өзүнө оодарып, хандын каарынан, өлүм жазасынан кутулуп кетет. Чыгарманын азыркы турпатында да 13-к-да кагазга түшүрүлгөн түрк ыры м-н генетикалык жалпылыгы бар ыр саптарынан сакталып калган. Айрым ыр түрмөктөрүнүн түрк ырына тутумдаш айтылгандыгына карабастан, кыргыз варианттарында мааниси кеңейип, көркөмдүк-эстетикалык таасири арткан. К. Б-нын табышмагында, Чыңгызхандын чечмелешинде, кайталангыс салыштыруулар, терең ойлор орун алып, угузуу азыркы турпатында да 13-к-дагы түрк ырынан алда канча бийиктикке көтөрүлгөн. Бул чыгарманын эл арасында көп айтылып, такталып, мазмундук-көркөмдүк жагынан калыптанып, өз алдынча өсүп-өнүккөнүн тастыктайт. Ушул окуяга байланыштуу *«Кет-Бука»* күүсү да бизге жеткен ушул угузуунун сөздөрүнүн терендиги, образдуулугу К. Б-нын акындык кудуретин, көркөм сөздүн улуу чебери экендигин аныктап турат.

Ад.: Кыргыз эл ырчылары. Б., 1994. *Мусаев С., Турдугулов А.* Көркөм сөз өнөрү. Б., 1999.

Ы. Кадыров.

«КЕТ-БУКА» – эл арасына кеңири тараган классикалык күү. Анын чыгышы ж-дө ар кандай (биринде Кет-Бука кан, экинчисинде Чыңгызхандын кол башчыларынын бири же жон эле комузчу болгон деп айтылат) уламыштар бар. Копчүлүк учурда *Кет-Бука* комузчу Айкан канга жалгыз уулу ан уулап жүрүп, кокусунан жолборстон мерт болгонун аркылуу угузган деп айтылат. Күүдө терең кайгы баяндалат. Күү залкар комузчу Карамолдонун аткаруусунда жазылып алынган. Мында башка да варианттары бар. Бул күү казак элинде «Аксак кулан» деген ат м-н домбрада чертилет.

КЕТЕНДЕР, RR'– C=C=O – реакцияга өтө тез кирүүчү каныкпаган орг. бирикме. Альдокетендер (R=H, R'– орг. радикал) ж-а кетокетендер (R ж-а R'– орг. радикал) деп айырмаланат. К-дин 1-мүчөсү газ; кайноо t 56°C, эрүү t 151,6°C. Суу м-н оной кошулуп, уксус к-тасын ж-а кетонду пайда кылат. Спирт, амин, кислота ж. б. заттарды жакшы ацетилдөөчү бирикмелер. Ө. ж-да катализатордун катышуусунда уксус к-тасын же ацетонду пиролиздөө жолу м-н алынат. К. эфирде, ароматтык ж-а хлордуу каныккан углеводороддордо эрийт. Алар нуклеофилдүү реагенттерди, минералдык к-таларды, металлорг. бирикмелерди оной кошуп алат. C=C ж-а C=O байланыштары бар бирикмелер м-н реакцияга кирип, азот ж-а циклопропанды пайда кылат. Ө. ж-да уксус к-тасын ангидридге айландырууда, ацетилцеллюлоза ж. б. алууда колдонулат.

КЕТМЕН – дыйканчылыкта колдонулуучу эмгек куралы. К. *алгачкы дыйканчылык* м-н кошо пайда болуп, адегенде таштан, колодон, кийин жалпак курч темирден жасалган. Анын үнгусу, башы ж-а сабы болот. К-дин башы үч бурч, тегерек ж-а сүйрү формада, уз. 25–35 *см*, эни 20–30 *см*дей. Үнгусуна 5–7 *см* келген жоон түтүкчө ширетилет же кадалат да, ага 1,5 *м*че жумуру жыгач сапталат. Бети жылмаланып, мизи курчутулуп, үнгусу жагынан эки чети ичин көздөй бир аз кайрылат. Учурда жер казуу, арык чабуу ж. б. а. ч. иштеринде К. кеңири пайдаланылат.

КЕТМЕН – Чыгыш Теңир-Тоодогу кырка тоо. Батыш бөлүгү Казакстанда, чыгышы Кытайда. Уз. 300 *км*, туурасы 40–50 *км*. Эң бийик жери – Көк-Мелжиме чокусу (3658 *м*). Эффузив, акиташ, айрым жерлери гранит тоо тектеринен түзүлгөн. Тоонун үстү тайпак, капталдары тик, терең капчыгайлары көп. Тоо этектерин талаа өсүмдүктөрү, андан жогорку түн. капталдарын карагай ж-а шалбаа ээлейт.

КЕТМЕН-ТӨБӨ ӨРӨӨНҮ – Ички Теңир-Тоодогу тектон. өрөөн. Түндүгүнөн Талас ж-а Суусамыр, батыш ж-а түш.-батышынан Узун-Акмат, Ат-Ойнок тоолору, түштүгүнөн Фергана, түш.-чыгышынан Көк-Ирим-Тоо кырка тоолору м-н чектешет. Токтогул р-нунда. Аянты 8170 *км*².



Токтогул суу сактагычынын бир бөлүгү.

Басымдуу бийикт. 800–1200 *м*. Таманынын уз. 50 *км*, туурасы 22 *км*. К.-Т. ө-нүн таманы жалпысынан батыш карай бир аз жантайыңкы келип, конус шилендилери – пролювий, делювий түздүктөрүнөн ж-а дарыя өрөөнүнүн тектирчелеринен турат. Өрөөн майда агын суулардын өзөндөрү, сайлар, кокту-колоттор (терендиги 5–10 *м*) м-н тилмеленген. Сугат каналдарынын нуктары көп. К.-Т. ө-ндө палеоген, неоген ж-а төртүнчүлүк мезгилдеринде пайда болгон калыңдыгы 2 *км*ге жеткен чөкмө тектер палеозойдун тоо тектерин жаап жатат. Өрөөн – тектон. түзүлүшү б-ча кендик багытындагы асимметриялуу грабен-мегасинклиналь. Ал неоген мезгилиндеги тоо пайда болуу процессинде Талас – Фергана тектон. жаракасын бойлой кысымдын күчөшүнөн пайда болгон. Кен байлыктарынын негизгиси – неогендин көл чөкмөлөрүндөгү таш туз катмарлары (*Кетмен-Төбө туз кени*). Климаты кескин континенттик, июлдун орт. темпрасы 24°C, январдыкы –14°C. Жылдык жаанчачыны 376 *мм*. Ири суулары: Кара-Суу, Чычкан, Узун-Акмат, Торкен. Эң ири көлү – Кара-Суу (аянты 3,88 *км*²). К.-Т. ө-нө боз топуратуу эфемер-шыбактуу жарым чөл (800–1300 *м* бийикте), бозомтук-конур топуратуу шыбактуу-кылкандуу кургак талаа (1300–2000 *м*); кара коңур топуратуу кылкандуу дүйүм чөптүү талаа ж-а токой-шалбаалуу талаа (2000–2800 *м*), субальп ж-а альп (2800–3200 *м*) шалбаасы, асказоокалуу, кар-мөңгүлүү гляциалдык-нивалдык (3200 *м*ден жогору) ландшафт алкактары мүнөздүү. Өрөөндүн 284 *км*² аянтын *Токтогул суу сактагычы* ээлейт. Өрөөндү түндүктү карай *Чычкан өрөөнү* улап кетет. К.-Т. ө. аркылуу Бишкек – Ош автомобиль жолу өтөт.

Ад.: *Исаков И.* К морфологии Кетмень-Тюбинской депрессии // Изд. АН Кирг. ССР, сер. естественных и технических наук. Т. 1. Вып. 2. Ф., 1959; *Ботбаева М.* Растительность Кетмень-Тюбинской котловины. Ф., 1971; *Аламанов С., Акматов Р.* Токтогул суу сактагычы. Б., 1998; *Аламанов С., Акматов Р.* Кыргызстандын суу сактагычтары. Б., 2006.

Р. Акматов.

КЕТМЕН-ТӨБӨ ТУЗ КЕНИ, Шамшыкал туз кени Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нунда, Токтогул шаарчасынан 26 *км* чыгышта, Кетмен-Төбө өрөөнүндө, Нарын д-нын он өйүзүндөгү Шамшыкал бөксө тоосунда, деңиз деңг. 1100–1287 *м* бийикте. Кенди жерг. эл илгертен пайдаланган. Алгачкы геол. жумуштар 1932-ж., геол. чалгындоо иштери 1959–60-, 1972-ж-а 1994-ж. жүргүзүлгөн. Кен аймагын ариддик климаттан пайда болгон миоцендин чопо, алевролит, мергель, кумдук ж. б. чөкмө тектер түзөт. Алардын арасында гипс м-н туздун линза сымал кабаттары жатат. Туздун 34 кабаты табылган. Ар биринин калыңдыгы 1,5 *м*ден 7–10 *м*ге чейин, уз. 3–4 *км*. Туздун курамы: галит 60–95%, глауберит 3,0–5%, тенардит 6–8%, астраканит 0,8%. Галит ири, орто, майда кристалдуу; түсү ак, агыш боз, кээде тунук (шамшыкал). Туз кабаттары чопо м-н аралашкан. Туз малга тоютка жарамдуу. Запасы $A+B+C_1$ категориясы б-ча 5606 мин *т*, C_2 – 27 мин *т*. 1996-жылга карата туздун запасы $A+B+C_1$ – 559, мин *т*, C_2 – 2–27 мин *т*.

КЕТОЗ, а ц е т о н о м и я – кепшөөчү малдын организминдеги белок, углевод ж-а май заттарынын алмашуусунун бузулушунан болгон ылаң. Көбүнчө саан уй, кой төлдөгөнгө чейин ылаңга чалдыгат. Дарттын негизги себеби – тоютта углевод м-н протеиндин жетишсиздиги. Ал малдын сүттүүлүгүнөн, тукумчулдугунан ж-а малды сериндетпөөдөн болот деп божомолдолот. Ылаң мал тоютка көнүлү чаппай, ичегикарындын ж-а тоют синирүүчү бездердин иштеши бузулуп, кан, сийдик ж-а сүттө кетон заттары көбөйөт, сүтү тартылып, арыктайт. Ыланды дарылабаса, мал өлүмгө учурайт. Дарылоодо венага глюкоза куюп, гормондук дары-дармектер берилет, тоютту көзөмөлдөө керек. Алдын алууда туура тоюттандыруу ж-а багуунун мааниси чоң.

КЕТОНДОР – углеводороддордун эки радикалы м-н байланышкан карбонил тобу C=O бар орг. бирикмелер $R-\overset{\overset{O}{\|}}{C}-R'$. Радикалдын табиятына карата алифаттык, алициклдүү, ароматтык ж-а гетероциклдүү болуп бөлүнөт. Алифаттык К-дун төмөнкү молекулалуу өкүлдөрү жагымдуу жыттуу, түссүз суюктуктар. Суу м-н жакшы аралашат. К-дун мол. салмагынын өсүшү м-н сууда эригичтиги төмөндөйт. Ири молекулалуу өкүлдөрү – катуу заттар. Бардык өкүлдөрү орг. эриткичтерде жакшы эришет ж-а өздөрү да – эриткичтер. К. негизинен экинчилик спирттерди катализатордун таасири астында дегидрлөө же окстендирүүдөн $H_3C-CH(OH)-CH_3 \rightarrow CH_3-CO-CH_3+H_2$ $CH_3-CHOH-CH_3+[O] \rightarrow CH_3-CO-CH_3+H_2O$, карбон к-таларынын туздарын ысытып ажыратуудан $(RCOO)_2Ca \rightarrow R_2CO + CaCO_3$

ж. б. жолдор м-н алынат. К-дун хим. активдүүлүгү альдегиддерден начар. Алардын реакцияга жөндөмдүүлүгү молекулада карбонил тобунун болушу м-н түшүндүрүлөт. Карбонил тобу кошуп алуу ж-а кычкылтектин атомунун башка атомго орун алмашуу реакциясына кирет. О. эле натрий бисульфити $NaHSO_3$, хлороформ $CHCl_3$ ж. б. м-н оной кошулат. К. өз ара кошулуу реакциясына (альдолдук конденсация), суутекти кошуп алуу реакциясына да активдүү кирет. $RCOR'+H_2 \rightarrow R_2CHOH$. К. техникада эриткич, орг. заттарды синтездөөдө баштапкы зат катары кеңири колдонулат.

Ад.: *Нейланд О. Я.* Органическая химия. М., 1990; *Адылов С. А.* Органикалык химия. Б., 1991.

Ж. Медетбекова.

КЕТТЕР, кето, остяктар (өздөрүн кет деп аташат, сөзмө-сөз мааниси адам; мурдагы аты – енисейлик остяктар, енисейликтер) – Россияда жашаган эл. Енисейдин томонку ж-а ортоңку агымындагы аймакта (Краснояр крайында, Турухан ж-а Байкит р-нунда) майда топторго бөлүнүп жашашат.



Саны 1500 киши (2002). Кет тилинде, о. эле орус тилинде сүйлөшөт. К. – Енисей тайгасындагы байыркы уруулардын укумтукумдары. Алар бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүп, Түн. Енисейге отурукташып калган. 17-к-да Россиянын курамына кирген. К. балык кармап, аң уулап, мөмө жыйнашкан, бугу унаа катары колдонулган. Эркектер жыгачтан, сөөктөн, мүйүздөн ар кандай буюмдарды жасап, устачылык кылышкан. Аялдар сайма сайып, тери иштетип, кийим ж-а үй-тиричилигине керектүү буюмдарды жасашкан. К. каркасы шыргыйдан тургузулуп, үстү кайың кабыгы м-н жабылган, конус типтүү алачыкта ж-а жер төлөдө жашап, бугу ж-а коён терисинен тигилген кийим кийишкен. Тамак-ашы – негизинен эт, балык азыктары. Кышкысын балык майы ж-а ысталган эт, жайкысын жер-жемишти кеңири пайдаланышкан. Тамакты отко, нанды оттун коруна бышырган. Учурда К. териси баалуу айбанаттарга анчылык кылып, бакчачылык, балык уулоочулук м-н кесиптенишет; интеллигенция түзүлгөн. 1995-ж. Туруханда К-дин этностук маданий борбору, 2004-жылдан Красноярскиде «Кеттер ассоциациясы» уюшулган.

КЕТ ТИЛИ, енисей-остяк тили – *кеттердин* тили. Енисей семьясындагы тилдерден сакталып калган жалгыз тил. Кет-пумпокол топчосуна кирет. РСФСРдин Краснояр крайынын (Турухан ж-а Байкит р-ндору) түндүгүнө таралган. Имбат ж-а сым (же юг) деген эки негизги диалекти бар. К. т-нин биринчи жазуусун 1934-ж. енисей тилдерин изилдөөчү Н. К. Каргер түзгөн.

КЕФИР – сүттөн уютулган кычкыл азык. Ынак же көк *суттон* даярдалат. Сүт 85–87°С темпрада 5–10 *мин* же 90–92° 2–3 *мин* пастерленип, 19–23°Сге чейин суутат. Ага түрдүү сүт кычкыл микроорганизмдерин турган 3–5% кефир уюткусун куюп, ара[illegible]ытырат. Уюган килкилдек продукт 8–10°С темпрада түрдүү убакытка кармалат. Ага жараша[illegible]нар (1 күндүк), орто (2 күндүк) ж-а өтө ачыгаш (3 күндүк), кычкылдуулугу ар башка (80–120° К. алынат. Өтө ачыган К-де сүт к-тасы, спирт, көмүр кычкыл газ көбүрөөк, белоктун ажыроо продуктулары азыраак болот. Сүт з-ддору майлуу (майлуулугу 2,5; 3,2 ж-а 6%), С витаминдүү, мөмө-жемиш ширелүү ж-а майы аз (0,5%) К. чыгарат. К. көбүнчө чоң идиште ачытылып, даяр продукт бөтөлкөгө же полимер капталган кагаз ж-а полиэтилен пакеттерге куюлат. Сүтко караганда К. синимдүү ж-а мүноздоп тамактануудa пайдаланылат. Өтө ачыган К. ичти катырат, начар ачыганы ичти алдырат. К-ди 0°Сден жогору эмес темп-рада 3 суткага чейин сактоого болот.

КЕЧКЕ-СУУ МӨҢГҮЛӨРҮ – Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталынан агып түшкөн Кечке-Суунун төрүндөгү 2 мөңгү (Оң ж-а Сол). Оң мөңгүнүн уз. 11,3 *км*, аянты 22,5 *км*², көлөмү 2,100 *км*³. Татаал-ороон тибиндеги мөңгү. Башы деңиз деңг. 6280 *м*, этеги 3700 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4990 *м*. Абляциясынын аянты 2,8 *км*². Сол мөңгүнүн уз. 5,3 *км*, аянты 10,2 *км*², көлөмү 0,500 *км*³. Чункурчак тибиндеги мөңгү. Мөңгүнүн башы деңиз деңг. 5400 *м*, этеги 4100 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4750 *м*. Абляциясынын аянты 7,7 *км*². Мөңгүлөрдөн Кызыл-Суунун сол куймасы – Кечке-Суу башталат.

КЕЧИЛДИК – диний социалдык топ. Анын мүчөлөрү «бул дүйнөдөн кечүү», үй-жай, мүлктөн баш тартуу, үйлөнбөй так отүү, туугандык ж-а социалдык байланыштардан биротоло кол үзүү, белгилүү бир монастырда жашоо, анын уставына баш ийүү сыяктуу катаал тартиптеги турмушта өз ыктыяры м-н жашап, өмүр кечирет. К. алгач б. з. ч. 1-миң жылдыктын орто ченинде буддизмде (Индия) пайда болгон. Кийинчерээк Кытай, Япония, Тибет, Түш.-Чыгыш Азия ж-а Ы. Чыгыш өлкөлөрүндө өнүккөн. Б. з. 3-к-нда христианчылыкта түзүлө баштаган (протестантизмде К. жок). Кээде (толук туура келбесе да) К-ке мусулман дервиштерин да кошушат.

КЕЧИРИМ БЕРҮҮ – күнөөлүү бир же бир нече адамга КРдин Президенти тарабынан берилген мунапыс. Соттолгон адам, о. эле анын бир тууганлары, мамл. эмес уюмдар, көзөмөлдөө комиссиясы ж. б. КРдин Президентине К. б. ж-до отүнүч м-н кайрылууга укуктуу. К. б. ж-до өз атынан өлкө башчысы да көтөрүшү мүмкүн. К. б. актысы б-ча: 1) соттолгон адам андан ары жазасын өтөөдөн толугу м-н бошотулат; 2) соттолгон адамдын жаза өтөө мөөнөтү кыскартылат; 3) соттолгон адамга коюлган статья кыйла женил[illegible]илет; 4) эркинен өмүр бою ажыратылган[illegible] үчүн жаза өтөө мөөнөтү 30 жылга алм[illegible]ырылышы мүмкүн. Эркиндигинен толу[illegible]ыратылган адамга белгиленген жазанын ж[illegible]анде жарымын отогондон кийин, ал эми со[illegible]олгон адамдарга соттун өкүмү күчүнө киргенд[illegible] кийин кайрылууга укук берилген.

К. А. Бодобаса.

КЕ́ЧУА, кичуа – Түш. Америкадагы индей элдеринин бири. Перу, Боливия, Эквадор, Колумбия, Түн.-Батыш Аргентина ж-а Түн. Чилиде жашашат. Жалпы саны 10 млн киши (2008). Кечуа тилинде сүйлөшөт. Көпчүлүгү католиктер. *Инктер* мамлекетинин пайда болушу К. урууларынын этностук жактан биригишине түрткү берген. Колониялык мезгилдин (19-к-дын 1-чейреги) аягында К. эл болуп калыптанып, мадты өнүккөн. 19-к-дын 70-жылдары К-лар шаарларга (негизинен Лима ш-на) көчө баштаган. Негизинен а. ч-нда иштеп, айрымдары кол өнөрчүлүк кылышкан. Эркектери тизеге чейин кыска шым, кыска күрмө ж-а кездемеден тигилген пончо, башына фетр калпак же жүндөн токулган шлем (чульо), бутуна тери бут кийим кийишет. Аялдар кабатталган юбка кийип, ийиндерине оромо жамынып, темир, таш, сөөк ж-а үлүлдөн жасалган кооздуктарды тагынышат.



КЕЧҮҮ, кечмелик, откоол – дарыянын жоо же атчан, же мал айдап өтүүгө ыңгайлуу тайыз жери. Топонимдердин курамында да кездешет. Жаз-Кечүү (суу, Кара-Үнкүрдүн алабы), Кечүү (кыштак, Аксы р-ну) ж. б.

КЕШИК – 1) келиндин төркүндөрү (көбүнчө аялдар) алып келген же төркүлөгөн келин төркүнүнөн ала келген бышылуу тамак-аш; 2) улуулардын тамагынын артканы.

КЁЛЬН – Германиянын батышындагы шаар. Түн. Рейн-Вестфалия жеринде (адм.-айм. бирдик). Рейн д-ндагы порт (жылына 15 млн *т* жүк ташылат). Калкы 1,0 млн (2010); калкынын саны б-ча өлкөдөгү 4-шаар (Берлин, Гамбург ж-а Мюнхенден кийин). Ага жакын жайгашкан шаар-спутниктеринин калкы 2 млндон ашык. Эл аралык аэропорту бар. Шаардын экономикасынын негизин тейлөө чөйрөсү түзөт. Германиянын ири банктарынын штаб-квартиралары жайгашкан. Өлкөнүн соода-финансы борбору. Машина куруу (транспорт, а. ч., оор, электртех., радио-электроника ж. б.), нефть ажыратуу, нефть-хим., текстиль, парфюмерия, кагаз, тамак-аш–татымал (сыр, ун, шоколад), тамеки о. ж. ишканалары иштейт. К. – дүйнөлүк маанидеги автомобиль о. ж-нын борбору. Амер. «Ford Motor Company» ж-а япониялык «Toyota Motor Corporation» автоконцерндеринин штаб-квартиралары, DAF, «Mazda», «Nissan», «Volvo» компанияларынын көнселери жайгашкан. Метрополитен иштейт. Ун-ттер (а. и. Кёльн), китепканалар, тарыхый архив, 40тан ашык музей (а. и. көркөм кол өнөрчүлүк, Епархия, Вальраф-Рихарц-Людвиг, Кунстхалле, Чыгыш Азия иск-восу ж. б.) бар. К. – Европанын муз. театр борборлорунун бири. Бир нече театрлар (а. и. опера ж-а балет), Мамл. жогорку музыка мектеби, филармония, ири концерт залдары иштейт. Б. з. ч. 1-к-дан белгилүү. 785–1273-ж. архиепископтуктун борбору. О. кылымда Ганза мамлекетинин башкы шаарларынын бири болгон. 1475-ж. эркин империя шаар статусун алган. 1946-жылдан Түн. Рейн-Вестфалия жеринин курамында. Роман (10–13-к.) ж-а барокко (17–18-к.) стилиндеги чиркөөлөр, готика стилиндеги собор (13–19-к.), ратуша (14–15-к.), турак жайлар (13-к.), ренессанс стилиндеги цейхгауз (16–17-к.) сакталган. Эл аралык музыка фестивалдары ж-а бүткүл дүйнөгө белгилүү жарманке-көргөзмөлөр өткөрүлүп турат. Ири парктар, зоопарк, «Флора» ботан. багы (экзотикалык өсүмдүктөр өстүрүлөт) уюштурулган.

КЁНЖУ, Кёнчжу – Корей Респ-нын түш.-чыгышындагы шаар. Кёнсан-Пукто провинциясында. Хёнсанган д-нын боюнда. Калкы 300 миң [2008; шаар агломерациясынын башкаруусуна кирген аймагы (аянты 1323, 8 *км*²), а. и. Япон денизинин 33 *км* жээги Кампхо порту м-н]. Жол тоому. 7–10-к-дын ортосунда Силла мамлекетинин борбору болгон. Жыгач дубалдардын, Анабди ак сарайынын фундаменти (7-к., 16-к-да талкаланган) сакталган. Пульгукса храм комплекси (528-ж.), Дзуньдэн башкы храмы, анын короосунда Таботхап таш пагодасы (538, төрт бурчтуу чатырчасы м-н), Бондокса храмы (8-к.; Эмилле коло конгуроосу сакталып турат, 771; бийикт. 3,78 *м*, диаметри 227 *см*), Чыгыш Азиядагы эң байыркы Чхомсондэ астр. мунарасы



Соккурам үнкүр храмынын жанындагы конгуроолуу мунара.

(«Жылдыздар мунарасы», 632–647; формасы чоң бөтолкөдөй, бийикт 9 *м*) ж. б. бар. К-дагы тарыхый курулуштар, Соккурам храмы ж-а Пульгукса храм ансамбли *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. Ө. ж-нын башкы тармагы автомобилдердин тетиктерин комплекттөө. Машина куруу (а. и. электроника), хим., текстиль, тамак-аш ө. ж. иштейт. Жез, каолин ж-а флюорит казылып алынат. Шалы айдалып, козу карын өстүрүлөт. Эт багытындагы мал чарбачылыгы өнүккөн. Балык кармалат. Деңиз жээгинде АЭС курулган. Ун-ттер, Сораболь коллежи (тех. ЖОЖ, 1981), улуттук музей ж-а парк бар.

КИБА́ЛЬНИКОВ Александр Павлович [9 (22). 8. 1912, Саратов губ., Орехово кышт. – 5. 9. 1987, Москва)] – сов. скульптор, СССР эл сүрөтчүсү (1963). СССР сүрөт академиясынын аныкмүчөсү (1954). СССР Мамл. сыйл. (1949, 1951), Лениндик сыйл. (1959) лауреаты. 1963–66-ж. РСФСР сүрөтчүлөр союзунун Москвадагы башкаруу бөлүмүнө төрага. Монументалист, портретчи. К-дун чыгармаларына психологизм мүнөздүү. Негизги чыгармалары: Н. Г. Чернышевскийдин (коло, 1948; СССР мамл. сыйл., 1949). В. В. Маяковскийдин (коло, 1954), П. М. Третьяковдун (мрамор, 1962) портреттери (баары Третьяков гал.); Н. Г. Чернышевскийдин Саратовдогу (коло, гранит, 1953), В. В. Маяковский Москвадагы (коло, гранит, 1958) эстеликтери ж-а Бреттеги «Брест баатыр-чеп» мемориалдык комплекси (скульптор А. О. Бембель, арх. В. А. Король м-н бирге, 1971). Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.



Третьяков галереясынын алдында П. М. Третьяковго тургузулган эстелик. Гранит. Москва, 1980.

Ад.: А. Кибальников. Альбом / сост. И. Т. Бирюкова. М., 1982.

КИБЕРНЕ́ТИКА (гр. kybernētikė – башкаруу өнөрү) – татаал башкаруу системаларында маалымат алуунун, сактоонун, берүүнүн ж-а өзгөртүүнүн жалпы закондору ж-дөгү илим. Башкаруу системасы катары жалаң эле тех. эмес, ар кандай биол., адм. ж-а социалдык системалар да алынат. Өтө татаал башкаруу системаларына тирүү организмдердин (адам организмин) нерв системалары, адам коомундагы башкаруу аппараты мисал боло алат. «К.» терминин 1-жолу (байыркы гректерден кыйыр) 1834-ж. фр. окумуштуу Ампер адам коомун башкаруу ж-дөгү илимдин классификациясы түзгөндө колдонгон. Амперден кийин бул термин бат эле унутулуп калган. Кийин илимге 1947-ж. Н. *Винер* киргизген. Ал теор. (математ. ж-а логикалык негизи ж-а философия маселелери), тех. [башкаруу ж-а эсептөө түзүлүштөрүндө колдонулуучу тех. каражаттарды ойлоп табуу ж-а иштетүү (программалоо)], колдонмо (теор. ж-а тех. К-ны ө. ж., энергетика, транспорт, байланыш кызматтары ж. б. маселелерди чечүүдө колдонуу) болуп үч тармактан турат. Азыркы К-ныи өз алдынча ил. багыттарды элестеткен бир катар бөлүмдөрү бар. К-нын теор. ядросун маалымат, алгоритмдер, автоматтар, операцияларды изилдөө, оптималдуу башкаруу, образдарды таанып-билүү теориялары түзөт. К. башкаруу системаларын ж-а акыл эмгегин автоматташтыруу үчүн система түзүүнүн жалпы принциптерин иштеп чыгат. К-нын маселелерин чечүүчү негизги тех. каражат – ЭЭМ. Ошондуктан К-нын өз алдынча илим катары пайда болуусу 20-к-дын 40-жылдарында мындай машиналарды түзүү, ал эми К-нын теор. ж-а практикалык өнүгүшү электрондук эсептегич техника прогресси м-н байланыштуу. Технол. процесстерди автоматташтыруу маселесин чечүүгө багытталган илимдерди камтыган К. тех. К. деп аталат. Технологияны башкаруу маселелери өндүрүштү уюштуруу ж-а экон. (пландаштыруу, керектүү материалдар м-н жабдуу, чыгарылган продукцияны өткөрүү, финансы операцияларын жүргүзүү ж. б.) башкаруу маселелери м-н түздөн түз байланыштуу. Бул маселелерди экон. К. чечет.

Ад.: *Винер Н.* Кибернетика и общество. М., 2003.

КИ́ВИ СЫМАЛДАР, канатсыздар (Apterygiformes) – жалпак төштүү куштарга жакын түркүм. Уз. 50–80 *см*, салмагы 1,5–4 *кг*. Денеси куш жүн м-н тегиз жабылган. Канаты редукцияланган, куйругу жок, буттары кыска, жоон, курч тырмактуу. Тумшугу узун, ийилген, учунда таноолору жайгашкан. Бир тукумунун (кивилер) 1 уруусу, 3 түрү Жаңы Зеландияда жашайт. Тиричилигин түнкүсүн өткөрүшөт, жыш оскон осүмдүк арасында жашап, уясын ийинге же дарак тамырларынын астына салат. 1–2 чоң жумуртка тууйт, аларды эркеги басып чыгарат. Курттар, курт-кумурска ж-а жерге түшкөн мөмө-жемиш м-н азыктанат. Саны өтө азайып кеткендиктен, коргоого алынган.



КИГА́ЛИ – Руанда Респ-нын борбору. Виль-де-Кигали префектурасынын адм. борбору. Өлкөдөгү жалгыз ири шаар. Калкы 904,8 мин (2008). Жол тоому. К-ден Уганда, Бурунди ж-а Танзания м-н байланышат. Эл аралык аэропорту бар. 1907-ж. негизделген. 1916-ж. чейин германиялык Чыгыш Африканын курамына, 1-дүйнөлүк согуштан кийин Бельгия ээлигинин курамына кирген. 1962-жылдын 1-июлунан Руанданын борбору. 1994-ж. Руанда тутси элин массалык кыруу (бир млнго жакын адам өлгөн) этнос аралык кагылышууларга алып келип, ал 1997-ж. чейин созулган. Статистика ж-а колдонмо экономика ин-ту (1975), Маалымат берүү ж-а улуттук архив кызматы (1979), ун-т, улуттук китепкана, геология музейи бар. К. соода (кофе, булгаары, бодо мал) ж-а ө. ж-нын ири борбору. Тамак-аш–татымал (пиво, алкоголсуз ичимдиктер, кофе, чай даярдалат), булгаары-бут кийим, текстиль (кебез-кездеме, жууркан ж. б.), эмерек, ширенке, металл конструкция ө. ж. ишканалары иштейт. Салттуу кол өнөрчүлүгү (папирустун чийинен, пальманын буласынан токуу, бышырылган карападан ар кандай фигураларды жасоо) өнүккөн. Шаарда Африкадагы эң ири гелио орнотмо бар (2007; 250 *кВт*).



Руанданын борбору – Кигали.

КИДА́ЙШ-ПОКРО́ВСКАЯ Нинель Викторовна (1926, Россия, Орёл ш.) – түрк тилдүү элдердин фольклорун изилдөөчү. 1950-ж. Москвадагы М. В. Ломоносов атн. ММУнун филология ф-тин бүтүргөн. 1954–58-ж. Н. К. Крупская атн. Бүткүл союздук эл чыг-лык үйүндө О. Азия республикаларынын ж-а Казакстандын түрк тилдүү элдеринин фольклорун изилдеп, ад-т тармагында эмгектенген. Эмгектери 1971-жылдан СССР ИАнын «Наука» басмасынан чыккан «СССР элдеринин эпостору» акад. сериясынын томдорунда жарык көргөн. К.-П. – ил. котормодон тышкары тарыхый-этногр., лингв., фольклордук мүнөздөгү комментарийлердин автору. Ал «Манас» эпосунун 4 томун басып чыгарууга да катышкан.

КИДИБАЕВ Мустафа Мусаевич (16. 7. 1950-ж. т., Нарын обл., Нарын ш.) – физик, физика-математика илимд. доктору (1997). проф. (1997). КР УИАнын корр. мүчөсү (2006). Пржевальск мамл. педагогика ин-тунун физ.-география ф-тин бүтүргөн (1972). КРдин Инж. академиясынын академиги (2001), КРдин илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (2000), КРдин илимге эмг. сиң. ишмери (2003). КР УИА ФИде кенже ил. кызматкер, жетектөөчү ил. кызматкер, лабор. башчысы (1974–93), КРдин Өкмөт аппаратында референт (1993), Аралды сактоо б-ча эл аралык фонддун аткаруучу дирекциясында кеңешчи (1995), ошол эле жерде директор (1997–98), К. Тыныстанов атн. Ысык-Көл мамл. ун-тинин ректору (1998–2004), КРдин Билим берүү министри (2004–05), 2006-жылдан КР УИА ФИде лабор. башчысы. Катуу заттардын физикасы б-ча адис. К-дин ил. изилдөөлөрүнүн негизги багыты – кристаллдын оптикалык ж-а ЭПР-спектроскопиясы, кристалл-физика, сызыктуу эмес оптика, катуу заттын радиациялык физикасы, оптикалык материалдар. 300гө жакын ил. эмгеги, а. и. 2 монография, 8 окуу китеби, 12 автордук күбөлүк ж-а 3 патенти бар.



Эмг.: Радиационно-оптические свойства функциональных материалов на основе активированных кристаллов фторидов лития и натрия. Б., 2009.

КИ́ЕВ – Украина Респ-нын борбору (1934-жылдан). Баатыр шаар. Киев обл-нун адм. борбору. Днепр д-нын боюнда жайгашкан. Калкы 2,7 млн (2008). Тогуз жолдун тоому. Эл аралык аэропорттору (Борисполь, Жуляны) бар. Метрополитен (1960), шаардын борборунда 1905-жылдан фуникулёр иштейт. Орус жыл баяндамаларында алгач 860-жылдан эскерилет. К-дин айлагындагы турак-жайлар сонку палеолит доорунa таандык. Шаардын аты аны негиздеген Кий деген адамдын ысмына байланыштуу деп болжошот. К. чыгыш славяндык полян уруусунун борбору катары б. з. 6–7-к-нда негизделген. 882-жылдан (князь Олег ээлегенден кийин) 1132-ж. чейин Киев Русунун саясий, маданий ж-а соода борбору болгон. Кол өнөрчүлүгү, жазуусу, архрасы өнүгүп, 11-к-да София собору, *Киев-Печёра лаврасы* курулган. К-ди 1240-ж. декабрда монгол-татарлар талкалап, Алтын Ордого баш ийдирген. 1362-ж. Литва улуу княздыгына караган. Люблин униясы б-ча (1569) Польшанын ку-



Михайлов Златоверхий монастыры. 12–18-к. 1997–2000-ж. реконструкцияланган.

рамына өткөн. К. 1654-жылдан 1991-ж. чейин Россиянын (кийин СССР), курамында Киев округунун (1923–30), Киев обл-нун (1932–34), Украин ССРинин (1934–91) борбору болгон. Россияга кошулгандан кийин Киев воеводдугунун, 1708-жылдан Киев губерниясынын борбору. 1905–07-ж-дагы рев-яда, Октябрь рев-ясында К. Украинадагы рев-ялык кыймылдын чордону болгон. Улуу Ата Мекендик согушта 1941-ж. 19-сентябрда К-ди немистик фашисттер басып алышкан, ал 1943-ж. 6-ноябрда бошотулган.

Ө. ж-нын негизги тармактары: машина куруу (а. и. «Авиант» авиация з-ду, станок, транспорт, так приборлор, электр-тех., радиоэлектроника ж. б.), курулуш материалдар, металл иштетүү, хим., нефть-хим., фармацевтика, женил (жибек комбинаты, «Роза» трикотаж ф-касы), полигр., тамак-аш–татымал (нан, кондитер). Киев *орус мамлекетинин* маданий ж-а диний борбору болгондугунан арх-ралык курулуштарга бай. Эң белгилүү арх-ралык эстелиги – Киев-Печёра лаврасы. О. эле Успение, София (11-к.; конгуроо мунарасы 17–19-к.), Владимир (19-к.) соборлору, Алтын көпүрө (11-к.), Выдубецкий монастыры (11-к.), Спас (11-к-дын аягы – 12-к-дын башы), Кирилловск (12-к.), Андреевск (18-к.) чиркөөлөрү сакталган. Киев-Фергана лаврасы м-н София собору ансамбли *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген. 1947–54-ж. шаардын Крещатик көчөсүндөгү ансамбль (Улуу Ата Мекендик согушта талкаланган) калыбына келтирилген. 1960–80-ж. Русановка, Оболонь ж. б. турак-жай массивдери курулуп, көптөгөн эстеликтер (а. и. Богдан Хмельницкий,

Киевдин Днепрдин сол жээгиндеги жаңы бөлүгү.



Т. Шевченко, А. С. Пушкин, Леся Украинка ж. б-дын, белгисиз жоокердин бейитиндеги обелиск), мемориалдык комплекс [«Улуу Ата Мекендик согуш (1941–1945) тарыхый улуттук музейи»] бар. К-де ИА, 70ке жакын ЖОЖ (а. и. ун-т, консерватория), каналдар, 15ке жакын театр (а. и. опера жана балет), 30га жакын музей (а. и. Т. Г. Шевченко адабий-көркөм, тарых, Украина сүрөт, Батыш ж-а Чыгыш иск-волору, улуттук кичилик ж-а архра, Киевдин тарыхы, элдик декорация иск-осу, ад-т ж-а иск-во архив-музейи, медицина тарыхы ж. б.), филармония, В. Довженко атн. киностудия (1928), стадион бар. ЖЭБ, ГЭС ж-а мамл. райондук электр станциясы иштейт. Эл аралык музыка конкурстары, кинофестивалдар өткөрүлүп турат. Украинадагы туризмдин (жылына 0,6 млн; а. и. 0,2 млну чет олколуктөр) эң ири борбору.

Ад.: Киев // Большая Российская Энциклопедия, Т. 13, М., 2009.

КИЕВ ОРУС МАМЛЕКЕТИ, Байыркы орус мамлекети – Чыгыш Европадагы байыркы феод. мамлекет (9–12-к.). К. о. м-нин түзүлүшүнө негизинен чыгыш славян уруулары ж-а Скандинавиядан Чыгыш Европага келген варягдардын таасири тийип, түштүгүнөн Тамань ж. а., батышынан Днестр ж-а Висла д., түндүгүнөн Двинанын жогорку агымы м-н чектешкен. 18-к-дын 2-чейрегинде Г. З. Байер, Г. Ф. Миллер ж. б. иштеп чыккан «норман теориясы» б-ча байыркы орус мамлекетинин түзүлүшүнө варягдар (норманддар) негизги роль ойногон. Ал эми Нестор жазган «Убактылуу жылдардын повести» б-ча варягдар алгачкы мезгилде славян (словен, кривич) ж-а фин (чуд, мер, вест) уруулларынан салык гана чогултуп турган. Кийин бул уруулар көтөрүлүш чыгарып, салык төлөөдөн кутулган, бирок ички бытырандылыктын натыйжасында князь катары варяг Рюрик м-н анын жакын туугандарын чакырууга аргасыз болгон. Аскольд м-н Дир башында турган Рюриктин жарым кошууну түштүктү көздөй жылып, Киевге отурукташса, Рюрик Новгородду калган. Түштүктөгү варягдар ылдамыраак, ал эми түндүктөгү скандинавия уруулары жайыраак ассимиляциялашууга дуушар болгон. Рюрик өлгөндөн кийин анын туугану Олег 882-ж. Киевди алып, Новгороддун түндүгү м-н Киевдин түштүгүн биригтирген ж-а Эски Ладога, Гнёздова ж. б. жерлерди кошуп, борбору *Киев* ш. болгон Байыркы орус мамлекетин түзгөн. 988–89-ж. К. о. м-нин улуу князы Владимир I Святославич христиан динин мамл. динге айландырган. Киев, Новгород, Ладога, Белоозёр, Ростов, Суздаль, Псков, Полоцк ж. б. ш-да кол өнөрчүлүк, дыйканчылык, мал чарбачылык, соода, агартуу иштери өнүгүп, Ярослав Мудрыйдын (1019–54) тушунда К. о. м. өнүгүүнүн жо-

Князь Владимир Святославичтин Днепр жээгиндеги эстелиги. 1853. Скульпторлор: В. И. Демут-Малиновский, П. К. Клодт. Архитектор К. А. Тон.



горку баскычына жеткен. Бул мезгилде дин кызматкерлери маанилүү орунду ээлеп, чиркөөнү Константинополдун патриархы дайындоочу митрополит башкарган ж-а коомдук мамилелер «Русская правда» ж. б. укуктук актылар м-н көзөмөлдөнүп турган. Түш. ж-а батыш славяндар, Византия, Батыш Европа, Кавказ, О. Азия элдери м-н байланыш түзүлгөн. 11-к-дын аягында кыпчактардын кол салуусунан ж-а орус князьдарынын ич ара талаш-тартыштарынан мамлекет начарлаган. 12-к-дын башында К. о. м-нде феод. бытырандылык башталган. Мамлекеттин биримдүүлүгүн сактап калууга 1113–25-ж. башкарган князь Владимир II Мономах ж-а аның уулу Мстислав (1125–32) аракет кылган, бирок 12-к-дын 2-жарымында бытырандылык күчөп, Новгород ж-а Псков өз алдынча болүнүп, мамлекет кулаган.

КИЕВ-ПЕЧЁРА ЛАВРАСЫ – Рустагы эң байыркы монастырь, Киевде. Эркектер монастыры катары 1051-ж. негизделген. К.-П. л. 11-к-дын аягынан чиркөө ж-а мад-ттын ири борбору болуу м-н бирге саясий таасирге ээ болгон. 1240-ж. монастырь татар-моңгол жортуулунда кыйроого учураган. 1598-жылдан лавра деп аталган. 1926-жылдан тарыхый-маданий музей-корук, 1988-жылдан кайрадан монастырь. К.-П. л-нын арх-

Киев-Печёра лаврасы. Успенье собору (11–18-к.); 1998–2000-ж. калыбына келтирилген.



ралык комплексине Жогорку лавра м-н Алыскы ж-а Жакынкы үңкүрлөр кирет. Алар 11–18-к-да курулган. Бул жасалма үңкүрлөрдө байыркы учурда монахтар жашаган жай ж-а храм, кийин 16-к-га чейин көрүстөн, 11–16-к-да монастырь диний ж-а маданий борбор болгон: жыл баян жазылган, икона тартуучу өнөркана, басмакана, мектеп иштеген. Байыркы курулуштары: Успенье собору (11–18-к. 1941-ж. талкаланган, 1998–2000-ж. калыбына келтирилген), Троица чиркөөсү (1108-ж., 18-к-да кайра курулган), украин барокксунун стилинде салынган таш дубалдар (1670–1702), чиркөөлөр (1696–98) ж-а бир катар имараттар бар. Төмөнкү лаврада Киев ж-а бүткүл Украина митрополитинин резиденциясы, диний академия, семинария жайгашкан. Жогорку лаврада музейлер, тарыхый китепкана ж. б. маданий мекемелер бар. К.-П. л. София собору ансамбли, Спас Преображение чиркөөсү м-н бирге *Бүткүл дүйнөлүк мурастын тизмесине* кирген.

КИЖИ – Онега көлүндөгү арал (Карелия), анда Спас погостунун жыгач курулмалар комплекси (18–19-к.) жайгашкан. Кижи Спас 16-к-да бир нече аралдагы 115 кыштакты биригтирген во-



Кижи Спас мазары. 18–19-к.

лосттун адм. борбору. 17-к-дын ортосунда тышкы душмандардан коргонуу үчүн күзөт мунаралуу дубал м-н курчалган. Мындагы Преображенье чиркөөсүндөгү 22, Покров чиркөөсүндөгү 9 мунара өтө коркөм жасалган. 1965-ж. «Кижи» тарыхый-арх-ралык музейи уюштурулуп, 1969-ж. тарыхый-арх-ралык ж-а этногр. музей-корукка айландырылган. *Бүткүл дүйнөлүк мурастын тизмесине* кирген.

Ад.: Кижи/Сост. С. В. Воробьева и др. 2-е изд., Петрозаводск, 2007.

КИЙИЗ – жүндөн тыгыздалып басып жасалган тиричилик материалы. Аның көп түрү бар. Жүндөн басылган К-ден башка да битум сиңирилип, минерал кебезден жасалган минерал К. ж-а хим. буладан иштелген К-дер даярдалат. Ал тех., тиричилик ж-а курулуш К-и болуп айырмаланат. Тех. К. кылчык, чала кылчык ж-а уян жүндөн 0,09дан 0,45 *г/см*^{3} тыгыздыкта

тасма, пластина ж-а даяр тетик түрүндө жасап чыгарылат да, автомобилде, трактордо, комбайнда ж-а самолётто сальник, ызгыт, амортизатор ж-а билик ж. б. катары пайдаланылат. Тиричилик К-и бут кийим, *ат жабдыктары* ж. б. үчүн керектелет. Курулуш К-и үйдүн дубалдарынын, жыгач устундарынын, терезе ж-а каалга жыгачтарынын, кураштырма үйдүн щиттеринин биригишкен жерлерин жылуулап, тыгыздоо үчүн ж-а үн, жылуулук өткөрбөс материал катары колдонулат. Коёндун, эчкинин жүнүнөн даярдалган К. абдан жумшак келип, андан калпак, беретка ж. б. кийимдер жасалат.

Кыргыздарда К. күзгү жүндөн (кээде жазгы жүндөн да аралаштырып) ар кандай калыңдыкта, чоңдукта басылып жасалган. Ал *боз үйдүн* тутуусуна (*үзүк, туурдук, түндүк жабуу*, эшик тыш), токулгага (*тердик*, ичмек, *ком*, чом, *желдик*), кийимге (*кементай, калпак*, кийиз өтүк, кийиз байпак, чокой, *доолдай, белдемчи*), төшөнчүгө ж-а ар түрдүү буюмдар [ала кийиз (к. *Алагийиз*), *шырдак, аяк кап, табак кап, текче, күзгү кап*, самын кап, уук учтук, сал аяк (баштык-үзөңгү), *үртүк*, кийиз кап, К. *куржун, баштык* ж. б.] жасоого жумшалган. К-ди аялдар жасашкан. К. басууну ойлоп чыгаруу кой өстүрүүгө, көчмөн турмушка байланыштуу боз үйдүн чыгышына өбөлгө болгон. К. жасоо үчүн жүн үлпүлдөтө сабалып, даакылары тытылып, жайылган чийдин бетине текшилеп салынып, ысык суу себеленип уютулган. Уютулган жүн чийи м-н оролуп, сыртынан бир же эки жерине бакан кошо таңылып бекем чырмалгандан кийин бир нече киши тоголотуп тепкилейт. Андан кийин бир нече аял тизелеп катар отуруп алып, бир четинен улам тугуруктап билектеп басат. Анда да аз-аздан ысык суу текши себилип турат. Боз үйдүн тутуусуна жумшалуучу өрө К-дер, ала кийиз ж. б. кургатылгандан кийин дагы бир жолу чийге оролуп туруп, кайнак суу себилип кайрадан басылат (бышырылат). Мындай К. бышык болот ж-а түлөбөйт. Азыр К. фабрикада өндүрүштүк ыкма м-н даярдалат.

Ад.: Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. Ф., 1962; *Антипина* К. И. Боз үй – кыргыз элинин маданиятынын баалуу эстелиги. Ф., 1970.

КИЙИЗБАЕВ Тообай (1900, Кемин р-ну, Бейшеке айылы – 1990, ошол эле жер) – малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Кемин р-нундагы «Бейшеке» колхозунда жылкычы болгон. Жылкы чарбасын өнүктүрүүдө чоң ийгиликтерге жетишип, 1947-ж. 50 бээден 50 кулун алып, аман асыраган. 1951–55-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Ленин ордени м-н сыйланган.



КИЙИЗБАЕВА Сайра [7. 11. 1917, Пишпекке (азыр Бишкек ш.) жакын Төкөлдөш айылы – 10. 10. 1988, Фрунзе] – опера ырчысы (лирика-драмалык сопрано). СССР-ы арт. (1958). Чыглыгы 1936-ж. Кыргыз муз. драма театрында ырчы болуп [illegible]өөдөн баштаган. Бир[illegible] жолу Земфиранын рома[illegible] (А. Верстовский, «Ка[illegible] күйөө – катаал күйөө» 1937) ж-а Ажардын (В. В[illegible]в, В. Фере, «Алтын кыз») ролун аткарган. Нота үйрөнүп, профессионал театр өнөрүн өздөштүргөн кезде К-га Айчүрөктүн (В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере, «Айчүрөк») ролу тапшырылып, аны 1939-ж. Кыргыз иск-восунун Москвада өткөн он күндүгүндө ийгиликтүү аткарган. 1940-ж. Москвага окууга жиберилген, бирок





С. Кийизбаева – Баттерфляй. Ж. Пуччинини. «Чио-Чио-сан» операсы. 1953.

согуш кедерги болуп, 1947–49-ж. гана Москва консерваториясынан билимин өркүндөтүүгө мүмкүндүк алган. 1942-ж. В. *Власов* жетектеген бригада м-н фронт аралап концерт берген. 1943-ж. Татьянанын (П. Чайковский, «Евгений Онегин») ролун жогорку чеберчиликте аткарып, дасыккан ырчы катары таанылган. 1956-жылдан М. Күрөңкөев атн. муз. окуу жайында окутуучу, 1967-жылдан Б. Бейшеналиева атн. КМИИде кафедра башчысы, проф., Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрынын директору (1963–65) болгон. Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат (2–6-шайланышынын). Анын профессионалдык илгерилөөсүн Күлайым (М. Раухвергер, «Көкүл»), Каныкей (В. Власов, А. Малдыбаев, «Жаш жүрөктөр»), Лиза, Наталья (П. Чайковский, «Карганын маткеси», «Опричник»), Наташа (А. Даргомыжский, «Суу периси»), Ярославна (А. Бородин, «Князь Игорь»), Тамара (А. Рубинштейн, «Демон»), Маргарита (Ш. Гуно, «Фауст») ж. б. ролдордон көрүүгө болот. Баттерфляйдын партиясын (Ж. Пуччини, «Чио-Чио-сан») 1953-ж. Москванын Чоң театрында орус тилинде аткарышы К-ны союздук аренага тааныткан. К. муз. комедияларда да чебер ойногон. Буга Одарканын (С. Гулак-Артёмовский, «Дунайдын аркы өйүзүндөгү запор[illegible]елик»), Гүлчахранын (У. Гажибеков, «Арп[illegible]мал алан») жаркын образдары далил. К. че[illegible]лдик композиторлордун ырларын, романс[illegible]ын чебер аткаруучу катары да таанымал. Ал к[illegible]дерттик ишмердиги м-н кыргыз музыкасын жайылтууга зор салым кошкон. Ленин, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Бишкек ш-ндагы көчөгө ысмы берилген.

КИЙИЗ БУТ КИЙИМ – койдун кылчык же уяң жүнүнөн уютулуп жасалган байпак сымал буюм. Атайын кепке даярдалган жүн салынып, кол м-н улам суулап, кийиз баскандай эле басат. Көбүнчө К. б. к. кийиз өтүк, кийиз чокой, кийиз байпак, кийиз кепич түрүндө эркекке, аялга, балага ылайыкталып, түрдүү өлчөмдө даярдалган.



КИЙИЗ БУЮМДАР – кийизден жасалып, турмуш-тиричиликте колдонулуучу ар кандай буюм-тайымдар. К. б. байыртадан эле пайдаланылып келген. К. б-ына *боз үйдүн* тутуусу (*үзүк, туурдук, түндүк жабуу, эшик тыш*), токулга (*тердик, ичмек, ком, чом, желдик*), кийим-кечек (*кементай, калпак, чокой*, кийиз байпак, *доолдай, белдемчи*), төшөнчү ж-а ар түрдүү буюмдар [ала кийиз (к. Алагийиз), *шырдак, туш кийиз, өрө кийиз, аяк кап, табак кап, текче, күзгү кап, самын кап*, уук учтук, сал аяк (үзөңгү баштык), *үртүк*, кийиз кап, *куржун, баштык, сувенирлер* ж. б.] кирип, учурда кенири колдонулат.



КИЙИК ОТ (Thymus) – өсүмдүктөрдүн эрин гүлдүүлөр тукумунун уруусу. Сабагы жерге төшөлүп, кээде жантыгынан өскөн чала бадалча. Гүлдөөчү бутагы тик өйдө, кээде жантыгынан өсөт. Жалбырагы тушташ жайгашкан, жээги тегиз, түрдүү формада, майда (1–1,5 *см*). Гүлдөрү шар сымал топ гүлдү түзүп, сабагынын учунда жайгашат. Желекчелери көгүш, мала кызыл, агыш, кээде көк түстө. Мөмөсү – жаңгакча, сүйрү же тоголок. 300дөй түрү бүткүл Евразияда, Түн. Африкада, Канар аралынан Гренландияга чейин таралган. Кырг-нда 8 түрү бөксө ж-а бийик тоолордогу боздоңдо, суу, булак боюнда, бадал арасында, аска-зоо жаракасында, шагылдуу бетте өсөт. К-тун кээ бир түрүндө эфир майы – тимол, карвалол бар. Медицинада, парфюмерияда ж-а тамак-аш ө. ж-нда колдонулат. Ошондуктан кээ бир өлкөдө кадимки К. о. атайын өстүрүлөт. Кыргыз эли да эзелтеден эле сасык тумоо үчүн, ичеги карын ооруларын дарылоодо кайнатып, ширесин ичишкен.



КИЙИМ – тышкы чөйрөнүн ар кандай жагымсыз таасирлеринен коргоочу буюмдардын (ич кийим, сырт кийим, баш кийим, бут кийим, кол кап ж. б.) жалпы аты. Турак жай м-н бирге К. – адам тиричилигинин негизги каражаттарынын бири. Адамдын жан сактоого, ысыксууктан ж-а мех. таасирлерден коргонууга муктаж болушу К-дин келип чыгышын шарттаган. К-дин өөрчүшү адам эмгегинин, коомдук мамилелердин ж-а мад-ттын өнүгүшү м-н кошо жүргөн. Натыйжада К-ге болгон көркөм табит жаралган. Адам өзүнүн сымбатына сын көз м-н карап, дене-боюндагы кемчилигин К-дин түрү м-н оңдоого аракеттенет. Адамдар соңку *палеолит* доорунда эле айбан терисинен, куш канатынан, чөптөн, дарак кабыгынан ж-а жалбырагынан К. жасай баштаган. *Неолит* доорунда адамдар өсүмдүк булаларынан жип ийрүү, өрүү, таар сымал одоно буюм токуу өнөрүн үйрөнгөн. Дыйканчылык м-н мал чарбачылыкка өтүү зыгыр, пахта, жут, кендир өңдүү өсүмдүктөрдүн булаларын ж-а мал жүнүн К-дик материал жасоо үчүн иштетүүгө мүмкүндүк берген. Бара-бара мата (кездеме) К. жасалуучу негизги материалга айланган. Айрым элдер К-ди бычып-тигип кийишсе, кээ бирлери кездемени жөн гана дене-

сине ороп-ороп алышкан. Жашоо ыңгайына, климаттык ж-а табигый (асыресе жер) шарттардын өзгөчөлүгүнө жараша көчмөндөрдө, дыйкандарда, тропиктик, арктикалык, мелүүн алкактарда жашагандарга К-дин ар кандай түрлөрү ж-а комплекстери пайда болгон. Кайсы доордо кайсы мамлекеттин саясий кадыр-баркы ашса, анын бийлөөчүлөрү кийген К. көп өлкөлөр үчүн үлгү болгон. Мис., 11–14-к-да Франциянын, 16-к-дын 2-жарымынан Испаниянын, 17-к-дын 2-жарымынан кайрадан Франциянын К. модалары Батыш Европада үстөмдүк кылган. 18-к-дын аягында Француз бурж. рев-ясынын таасири м-н Францияда сөөлөттүү ж-а кымбат К-дер бир кыйла демократташып, андан ары К. бара-бара жөнөкөйлөшө берген. Натыйжада Батыш Европада иштелип чыккан К. модалары дүйнөнүн көп өлкөлөрүнө тарала баштаган. Женил ө. ж-дын, токуу өнөрүнүн ж-а жасалма кездемелердин тынымсыз өсүшү К. модасынын айрыкча аялдар К-инин тез-тез өзгөрүп, жаңыланып жакшырып турушун шарттады. К-ди констр-лоо ж-а моделдөө өз алдынча өнөргө айланды. К-дин өзгөчөлөнүшүнө адамдын жыныстык ж-а курактык белгилери, үй-бүлөдөгү ж-а жамааттагы абалы, уруулук ж-а таптык айырмачылыгы да таасир тийгизген. Түрүнө жараша К. ич ж-а сырт К., *баш кийим, бут кийим* деп, ал эми тиричиликтеги милдетине жараша к ү н д ө л ү к (иш, малтабар) К., м а й р а м д ы к (сый, дем алыш ж. б.) К., к а а д а с а л т т ы к (нике тоюнда, аза күткөндө кийилүүчү ж. б.) К., а т а й ы н (өндүрүштүк) К., ф о р м а (аскерлердин, т. ж-чулардын ж. б.) К., с п о р т т у к К. ж. б. фасондорго ж-а түрлөргө бөлүнө баштаган. Саймачылыктын, кол өнөрчүлүктүн өөрчүшү К-дин көркөмдүк жагын арттырууга кызмат кылган. Калктар м-н улуттардын калыптанышы улуттук (элдик) К-дин жаралышына алып келген. Улуттук К-дер элден элге ооп, бири бирине таасир тийгизип, белгилүү бир аймакка (регионго) тиешелүү К. комплекси иштелип чыккан. Улуттук К-ден карапайым элдин нускалуу салттары, тапкычтыгы, эстетикалык умтулуулары, көркөм табити, саймачылык ж. б. өнөрү айкын көрүнөт. Улуттук кийим улам өзгөрүп, жаңыланып турат, улуттук колоритти сактап, элди башкалардан өзгөчөлөп турат, к. *Кыргыздын улуттук кийимдери.*

КИЙИМ КАТМАЙ – балдар оюну. Шарт б-ча бир баланын кийимин (калпагын, бешмантын же мээлейин) тегеректеп тургандар катат. Ортодогу кийими катылган бала оюндагылардын көз карашынан, кебетесинен баамдап, кийим кимде экенин табыш керек. Таппаса ортодо күлкү болуп, тапканга чейин издейт. Катылган кийим кимден чыкса, ал ортого чыгып, оюн улантылат. Кийим катыларда ортодогу бала алаканы м-н көзүн жаап турат. Бул оюн балдарды байкагычтыкка, кыраакылыкка тарбиялайт.

КИЙИТ, с а р п а й – кыз берип, уул үйлөнтүүгө байланыштуу кудалардын ортосундагы өз ара алыш-бериш кийим, кездеме [illegible]буюм. Ичик, чепкен, чапан, кемсел, бешма[illegible]ебетей, калпак сыяктуу улуттук кийимде[illegible]а-сөөктөрдүн жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша[illegible]ын арналып тигилип, К-ке берилген. Кым[illegible]алуу кийим «баш кийит» деп аталып, ку[illegible]дагыйларга, аксакалдарга кийгизилген.

КИЙМЕ ЧАЧ, п а р и к (фр. ре[illegible]не) – жасалма чач; театрда гримдин маан[illegible] бир каражаты. К. ч. Байыркы Египет, Ас[illegible]ия, Вавилон, айрыкча Байыркы Грекия м-н Римде кеңири тараган. О. кылымдарда көп колдонулбай, 16-к-дын акырынан Европага жайылган. Англияда сот К. ч-ты салт баш кийим катары киет. К. ч. театрларда белгилүү доордогу адамдын турпатын, социалдык чойрөсүн, жашын, мүнөзүн көрсөтүү үчүн пайдаланылат. Театрдагы К. ч. кадимки чачтан, жылкынын жал-куйругунан, эчки, топоз жүнүнөн жасалат.



КИКБО́КСИНГ (англ. kick – бут м-н тебүү ж-а boxing – бокс) – чыгыш күрөштөрүнүн (каратэ, таеквондо, муай-тай ж. б.) ж-а англис боксунун негизинде түзүлгөн спорт түрү. К-тин эрежеси б-ча таймашта атаандашына багытталган кол м-н буттун соккулары күчтү толук колдонуу аркылуу жүргүзүлөт. Бут м-н иштөө ыкмалары чыгыш күрөштөрүнөн, ал эми колдуку бокстан алынган. К. машыгуучулардан өзгөчө кара күч даярдыгын талап кылат. Ал АКШда ж-а Батыш Европада 1970–75-ж. пайда болгон. Учурдагы К-де жети негизги багыт бар: лайт-контакт, семи-контакт, фул-контакт, лоукик, тай-К., о. эле жакында эле пайда болгон жекече таймаш ж-а К. базасындагы аэробика. Бүгүнкү күндө К. б-ча мелдештер бир нече уюм м-н өткөрүлөт. Бул иш-чаралардын негиздөөчүсү – Эл аралык профессионалдык каратэ ф е д е р а ц и я с ы (1968-ж. түзүлгөн). К-дин ири уюму – WAKO (эл аралык



К. уюмдарынын ассоциациясы). Ага 89 өлкө мүчө. Ал К-ди сүйүүчүлөр ж-а профессионалдар арасында мелдештерди өткөрүүдө. Профессионалдар арасында мелдештер эркин «хронол. схема» (профессионалдык бокста кабыл алынган рейтинг системасы) б-ча жүргүзүлөт. Ал б-ча спортчу таймаштар[illegible] өткөзүп, жеңишке жетишип, тийиштүү рей[illegible]нгге ээ болгондо өзүнүн салмагы (мелдешти[illegible]көргөн уюмдун аныктоосу) б-ча чемпиондукк[illegible]лапкер катары саналат. Андан кийин т[illegible]кер бул салмактагы чемпион м-н беттешет[illegible]лапкер жеңишке жетишсе, ал жаңы чемпио[illegible]талат. К. жабдыктарына бокс мээлейи, шы[illegible]ак ж-а таман калканчалары, спорттук туул[illegible], капа (тиштерди сактоочу каражат), кыз-к[illegible]индер үчүн төшүн коргоочу атайын кошумча калканчтар кирет. К. сүйүүчүлөрдүн таймашы 2 *мин*дан 3 раунд болот. Профессионалдардын рейтингдик таймашы 6–8 раунд, чемпион наамы үчүн 12 раунд өтөт. Кыргнда К. 1990-жылдардын башынан өнүгө баштап, көптөгөн спорт клубдары (*Гермес-Профи* ж. б.) ачылган. Анын өнүгүшүнө өзгөчө зор салым А. *Воинов*, Э. Исмаилов, Ж. Сапаков ж. б. кошкон. Дүйнөгө таанымал кырг-ндык спортчулар – Ш. *Шадманов* (Кырг-ндан алгачкы дүйнө чемпиону), Ж. Амантаев, М. Борбашев, Р. *Абасов*, А. *Порсуков*, А. *Ибраев*, К. *Сыдыгалиев* ж. б. Респ-канын 1-чемпионаты 1996-ж. Бишкекте өткөрүлгөн.

Ад.: *Линдер И. Б., Оранский И. В.* Боевые искусства Востока. Маленькие «секреты» больших школ. М., 1992; История боевых искусств. От нового света до Черного континента. М., 1997; *Гагонин* А. С., *Гагонин* С. Г. Психотехника рукопашной схватки. СПб., 1999; *Тарас* А. Е. Французский бокс сават: история и техника. Минск, 2001.

Б. Усөнкапов.

КИКЛАДДАР, Ц и к л а д д а р [гр. Kyklades – тегеректер (аралдар)] – Эгей деңизинин түш. бөлүгүндөгү архипелаг. Грекияга карайт. Жалпы аянты 2,6 миң *км²*, 200дөн ашык аралдан турат; ирилери – Наксос (428 *км²*), Андрос (405 *км²*), Тинос, Парос, Милос. К. – байыркы (эгей) кургактыктын калдыгы, Балкан ж-а Кичи Азия ж. а-н туташтырып турган суу астындагы босоголордун көтөрүлгөн бөлүгү. Милос ж-а Тира а-дары жанартоо атылышынан пайда болгон. Тоолуу рельефи басымдуу, бийикт. 1008 *мге* чейин (Наксос а-нда). Жер титирөөлөр болуп турат. Негизинен кристаллдык ж-а акиташ тоо тектеринен түзүлгөн. Климаты жер ортолук деңиздик, жайы ысык ж-а кургак, кышы жылуу ж-а нымдуу. Январдын орт темп-расы 10–13,5°С, июлдуку 26–27°С. Жылдык жаан-чачыны 350–600 *мм*дей. Тоо капталдарында бадал өсүмдүктөрү (фригана) басымдуу; өрөөндөрүндө жүзүм, май алынчу ж-а цитрус өсүмдүктөрү, буудай, жүгөрү өстүрүлөт. Мал чарбасы ж-а балыкчылык өнүккөн. Темир ж-а боксит кендери, Наксос а-нда наждактын ири кени бар.

КИКО́ИН Исаак Константинович [15 (28). 3. 1908, азыркы Литва, Жагаре – 28. 12. 1984, Москва] – орус физиги. СССР ИАнын академиги (1953; корр. мүчөсү, 1943), Соц. Эмг. Баатыры (1951, 1978). Лениндик (1959) ж-а СССР мамл. сыйл. (1942, 1949, 1951, 1953, 1967, 1980) лауреаты. Ленинград политех. ин-тун бүтүргөн (1930). Ленинград физ.-тех. ин-тунда, Свердловск металл физикасы ин-тунда (1936), Атом энергия ин-тунда (1943) иштеген. Москва инж. ин-тунун (1944-жылдан), МГУнун (1955-жылдан) проф. Негизги ил. эмгектери атом физикасы м-н техникасына ж-а катуу заттардын физикасына арналган. Куб түрүндөгү кристаллдардын анизотроптуу фотомагниттик эффектилерин изилдеп, Кикоин – Носков эффектисин ачкан (1933). Суюк металлдардагы Холл эффектисине жогорку өткөргүчтүктөгү гидромагниттик эффектиге байланыштуу өлчөөлөрдү жүргүзгөн. К.– физика б-ча орто мектеп үчүн окуу китептеринин ж-а программалардын автору. «Квант» журналынын башкы редактору (1970-жылдан). Жети Ленин ж. б. орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: И. К. Кикоин: воспоминания современников / Под ред. Н. Н. Пономарёва-Степного. 2-е изд. М., 1998.

КИЛЕМ – түр салып кооздоп токулган, бир жак бети түктүү, үйдүн тушуна тартуу, полго төшөө же бир нерсенин үстүнө жабуу үчүн колдонулуучу буюм. Имараттын ичин жасалгалоо, жылуулоо ж-а үн өткөрбөө үчүн колдонулат. К-дин кооздугу токулуу өзгөчөлүгүнө (түктүү же түксүз), материалдын түрүнө (жүн, жибек, кендир, кебез ж. б.), боёгуна, өлчөмүнө ж-а түс айкалышына жараша аныкталат. К. түктүү ж-а түксүз болуп, вертикаль ж-а горизонталь станоктордо колго согулат (2 *м²*инин массасы 2,5; 3,2 *кг* же андан ашык) ж-а машина м-н (1 *м²*инин массасы 1,8–2,2; 2,5 *кг*) даярдалат (к. *Килем токуу*). Жаккар машинасы м-н жабдылган көп чөлмөктүү станоктор түксүз К. токууда пайдаланылат. Жаккар машиналуу токуучу станоктордо бир эле маалда беш-алты түстүү К-дин өңү ж-а ичи даярдалып, анын өң ж-а ичинен эриш жиптери аркак жиптерине илинип бекитилип, учу бычак м-н кесилет. К. токуу байыртадан (мын-



5-Пазырык көрүстөнүнөн табылган түктүү килем. Б. з. ч. 4-к-дын ортосу. Ахемениддин Иран. Эрмитаж. Санкт-Петербург.

дан 10–12 мин жыл мурда К-дин бойро түрү кенири тараган) эле белгилүү. Евразия көчмөндөрү б. з. ч. 3–2-мин жылдыкта кийиз К-ди жасап чыгарышкан. Кой чарбасы өнүккөн аймактарда (Түн. Месопотамия ж. б.) түктүү К. жасоо ойлоп табылган. Б. з. ч. 4-к-дын ортосуна таандык жогорку үлгүдөгү байыркы түктүү К. (ахемениддик Ирандын 5-Пазырык көрүстөнүнөн табылган) дүйнөлүк музейде (Эрмитажда) сакталып турат. К. Чыгышта (б. з. ч. 1-мин жылдыктын аягында Борб. Азияда) кенири таралып, К. токуу иштери Түш. (Индия, Пакистан ж. б.), Түш.-Батыш (Түркия, Иран ж. б.) ж-а Борб. Азия (Кытай, Монголия, Кырг-н, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан ж. б.), Кавказ (Азербайжан ж. б.), Түн. Африка (Египет ж. б.), Чыгыш Европа (Россия, Украина, Молдавия, Беларуссия, Болгария, Румыния ж. б.) ж-а Түн. Европа (Финляндия, Швеция), Америка (инктер, навахолор) өлкөлөрүндө жакшы өздөштүрүлгөн. Азыркы учурда К. токуучу машиналардын өндүрүмдүүлүгү жогорулап, К-дин структурасы жакшырып, аны бышык, түстүү ж-а бекем кылып жасап чыгаруу өркүндөтүлүүдө. Кыргыздар илгертен эле К. токуу м-н алектенишкен. Кырг-ндын Лейлек, Баткен, Ноокат аймактарында К. токуу кенири жайылган. О. эле Кара-Балтада ө. ж-лык денгээлде килем чыгаруучу ишкана иштейт. К-дин көлөмү (ордо К., калы К., төр К., төө К., жайлоо К. ж. б.), токулушу ж-а түр салынышы б-ча (жүл К., арабы К., барак К., куйма К. ж. б.) бири биринен айырмаланган түрлөрү бар, к. *Килемчилик*.

Ад.: *Ленин Л. М., Свердлин В. И.* Ковры и ковровые изделия. М., 1960; *Уметалиев [illegible] Т.* Киргизский ворсовый ковёр. Ф., 1966; *Руде[illegible] И.* Древнейшие в мире художественные ковры [illegible]ни. М., 1968; *Зариф М.* Ковры. М., 2006.

КИЛЕМ ТОКУУ – колдо ж[illegible]на м-н килем даярдоо процесси. К. т. – и[illegible] келе жаткан кол өнөрчүлүк. Алгач ал ма[illegible]бачылыгы м-н кесиптенишкен элдерде пай[illegible]гон. Бул кыргыз калкына да эзелтен таа[illegible]. Килем түктүү ж-а түксүз болот. Килем түгү кыркылган же кыркылбай түймө түрүндө болушу мүмкүн (1-сүрөт). Кол м-н токулганда түрдүү түстөгү жиптерди ар бир эриш жибине чалуу аркылуу килемдин түгү жасалат. Алар көбүнчө кош чалымдуу, кээде бир чалымдуу түймө түрүндө болот да, учу бетине чыгарылып, анан кыркылып ташталат (2-сүрөт). Катар жаткан бир өнчөй түймөчөлөрдөн кийин аркак жиби жүргүзүлүп, ал алдынкыларына карай адыргы тарак м-н ныктап урулат. Түк үчүн жүндөн ийрилген жип (кээде жибек жип), ал эми эриш ж-а аркагына кебез жип колдонулат. Көбүнчө көп түстүү килем үчүн кебез эриш жибинин ордуна ичке жибек жип алынат. Килемди машина м-н токуу 1825-ж. Европада пайда болгон. Буга 1806-ж. Жаккар ойлоп тапкан машинанын түстүү кездеме ж-а К. т-га пайдаланылгандыгы түрткү болгон. Кол м-н токулган килемге караганда машина м-н токулган килемдин бышыктыгы, көркөмдүк сапаты бир аз төмөнүрөөк болгондугуна карабастан, сырткы түрү жагынан андан кем калышпайт, машина м-н килем токууда иштин өндүрүмдүүлүгү жогорулап, продукциянын өздүк наркы төмөнүрөөк болот. Килемчи кол м-н жылына 10–12 $м^2$ килем токуса, машина м-н саатына 4–5 $м^2$ токулат. Машина килеми даярдоо шартына ж-а түрүнө жараша *Жаккар машинасында* токулган, кош тилкелүү, тигилме түктүү ж. б. болуп айырмаланат. Жөнөкөй түксүз килем үчүн бир катар эриш ж-а аркак жиптер пайдаланылат. Түктүү килемде эки же үч катар эриш ж-а аркак жиптери болот. Мындагы аркак жиптер өз эриш жиптери м-н гана эмес, жанаша эриш жиптер м-н да илинишет. Түк бетине гана түшүрүлөт. Машина м-н килем токууда негизги эриш жип үчүн кебез жип, түк үчүн жүн жип колдонулат. Килем токулуп бүткөндөн кийин ар түрдүү кошумча иштер аткарылып, килемдин түгү кыркылат, ысык бууга кармалат, чети кайылат же [illegible]ы тагылат ж. б.



1 – сүрөт. *а* – машина менен токулган түктүү килем жиптеринин айкашы: *Т* – түгү; НЭ – негизги эриш жиби; *а* – аркак; *к* – кошумча эриш жиби; *б* – түгү кыркылбаган килем жиптеринин айкашы: *Т* – түгү, НЭ – негизги эриш жиби; *а* –аркак; к – кошумча эриш жиби.





2-сүрөт. *а* – кош чалымдуу илмек: Э – эриш, a_1a_2 – аркак жиптер; Т – түк илмектери; 1 – эки эриш жибине чалынган; 2 – эриш жибине коштоп чалынган; 3 – бир эриш жибине чалынган; 4 – эки кабат эриш жибине чалынган (тигинен); *б* – бир жарым чалымдуу илмек: 1 – эки эриш жибине чалынган (солго карай); 2 – эки эриш жибине чалынган (онго карай); 3 – эриш жибине коштоп чалынган; 4 – эки кабат эриш жибине чалынган (тигинен).

1-сүрөт





2-сүрөт



КИЛЕМЧИЛ[illegible] – кыргыз элинин материалдык мад-тын, асы[illegible] кол өнөрчүлүгүн, ой-кыялы м-н эстетикасын[illegible]рмуш-тиричилигин айкын чагылдырган эл[illegible] өнөрдүн бир тармагы. К. түш. ж-а түш.-бат[illegible] аймактарда жашаган кыргыз урууларына [illegible]өздүү. Кыргыз элинде негизинен жүл (түктүү) ж-а арабы (түксүз) К. жасалат. Жүл К. эриш, түр, аркактан турат. Эриши кой м-н эчки жүнүнөн жасалат. Ар кыл түстөгү жиптен салынган көчөттөр К-ге түр берип турат. Аркак кадимки жүндөн, көбүнчө түрдөн, мурунку эриштердин калдыктарынан да ийрилет. Арабы К. жүл К-ге окшобой түксүз келип, аркагы болбойт, ошого байланыштуу түр да башкача салынат. Бул К. женил, бышык ж-а кооз болот. К-ге койдун кылчык жүнү, эчкинин кылы, төөнүн жүнү пайдаланылат. Жүндү боёодо испарек, чүкүрү, ачык таш, ачык суу (сирке), селитра ж. б. заттар пайдаланылат. К-ди токууда *кузук, адыргы*, кузук көтөргүч, *килем токмок, бычак, кайчы*, күйөө, салык жазгыч ж. б. аспаптар колдонулат. К-ди 4–5 аял токуп, чебери иштин жалпы жүрүшүнө, көбүнчө түр салууга көз салат. Эриш жип абдан чыйрак ийрилет да, эки каттап чыйратылып, башалмай (тоголок) б-ча сууга кайнатылат. Суусу сарыккан сон, аралыгы 4–5 *м* болуп бекем кагылган эки казыкка бүт эришти жүгүртүп, так орто жерине жоон жыгачты салып, катуу бурап-чыңдап бекитет. Ал кургагыча турат. Анан бөлөк-бөлөк үшмөктөп (чүйкөлөп) алат. К-ди токууда эң биринчи жерди тегиздеп, К. курууга керектүү казыктарды туура жыгачтарды же темир түтүктөрдү орнотот. К-ди токууда адегенде «жүгүрүү» иши башталат, б. а. эришти аштаманын баш ж-а аяк жыгачтарына өткөрүп, К-дин негизин түзөт. Андан кийин К-дин эриш жибин күзүктөп, күйөө жыгачка бөлүштүрүп байлап, күзүгүн көтөрүп, бир нече жолу аркак өткөрүп, башталышын бекемдеп, түр салууга өтөт. К. согууда эң биринчи «жапайы», «ала жип», «ала мончок», «кара-суу» деген ж. б. түрлөр токулгандан кийин, «үч тиш», «ашкана көчөт», «өрөжө», «мүшкүл», «нампар», «теке мүйүз», «ит таман», «ара тиш», «жолборс таман», «ийрек», «жарты шак» сымал татаал көркөм көчөттөрү ирети м-н берилет. Лейлек, Баткен ж-а Ноокатта жүл К-ди токууда төрт тарабына кыркалекей саамал оюмун түшүрүшөт. Саамал көчөтү көбүнчө кызыл-кара түстө болот. К-дин негизги көчөтү «кочкорек». Ал экиге бөлүнөт: «бүтө кочкорек» ж-а «сынар кочкорек». Чыйратылган жиптин өңүнө жараша «күлкөптө», «эчки туяк», «бет мубурчук», «туура мүйүз», «карагай бутак», «нампар көчөтү» ж. б. көчөттөрдү келтиришет. Токуучулар көчөт түйүндөрүн чечүүдө эки жагына оң чыгарылганы «эки жүздүү кайкалак», бир аз из болуп сайылса «сынар кайкалак», түгөйлөштүрүлүп сайылса «кош кайкалак» деп айырмалашат. Уздар К-ди ар кандай чөндукта (аянтта) токушат. Токулган К-дин эң чоңу ордо К. аталып, аянты 5×3,5 *мге* жетет. Калы К. 3,5×2,5 *м* келип, көбүнчө керегеге, үйдүн дубалына тартууга ылайыкташтырылган. Төр К. аянттуу келип, жерге гана төшөлүп, өтө бышык болот. Уздар төөнүн жүгүн жабууга ылайыктуу атайын К. токушкан. Мындай чакан К. төө К. деп аталган. Көчүп-көнууда урунууга жайлоо К-и токулган.

КИЛИМАНЖАРО (суахили тилинде – суук кудайынын тоосу; башка маалымат б-ча жаркыраган тоо) – дүйнөдөгү эң ири жанартоолордун бири; Танзанияда (Чыгыш Африкада). Аянты 388,5 мин *га*. Бийикт. 5895 *м* (Африканын эң бийик жери). К. өчкөн 3 жанартоодон (Кибо – 5895 *м*, Мавензи – 5355 *м*, Шира – 4006 *м*) турат. Ал негизинен трахибазальт ж-а фонолит тектеринен түзүлгөн. Нымдуу түш. ж-а түш.-батыш капталдарына жылына (3100 *м* бийикте) 1000ден 3000 *мм*ге чейин жаан-чачын жаайт. К-нун этегинен 1000 *м* бийикке чейин саванна, андан жогору кофе, банан плантациялары (1000–1800 *м*), эпифит ж-а папоротниктер аралаш тоо гилеясы (1800–3100 *м*), 4200 *м*ге чейин тропиктик бийик тоо өсүмдүктөрү (парамос),

Килиманжаро жанартоосу (арткы планда).



ксерофиттүү жаздык сымал дан өсүмдүктөрү (4200–4800 *м*) ж-а лава талаалары ээлейт. Чокулары мөңгүлүү. Килиманжаро улуттук паркы *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген.

КИЛКИЛДЕК – уйдун баш, шыйрагынан жасалуучу тамак. Уйдун куйкаланган даяр баш этин шылып алып, шыйрагын бузуп, муздак сууга салып, азыраак отко бүлкүлдөтүп, эзилте (сөөктөн эт ажыраганга чейин) бышырат. Быша жаздап калганда, даамына жараша коруш (тууралган сабиз, пияз, сарымсак, туз, калемпир, мурч, лавр жалбырагы, ашкөк) кошот. Бышкандан кийин үстүндөгү майын калпып алып, этти чыгарат. Сөөгүнөн шылынган куйкумду майда туурап, чыпкаланган сорпого салып, дагы бир аз кайнатат да, суутуп, кыя кесилген жумуртка кошуп, калыптарга куят.

КИЛО... (гр. chilioi – миң) – негизги бирдикти миң эсе арттырып көрсөткөн өлчөм бирдиктерин туюнтуучу сөз алды мүчө. Кыскача белгилениши: орусча – к, эл аралыгы – k. Бул башка бирдик аттары м-н бирге жазылат. Мис., 1 *км* (километр) = 1000 *м;* 1 *кг* (килограмм) = 1000 *г*.

КИЛОВА́ТТ (кВт, kW) – кубаттуулуктун Бирдиктердин эл аралык системасындагы бирдиги. Ал ваттка эселүү бирдик: 1 *кВт*=1000 *Вт*=10^{10} *эрг/сек*=101,97 *кгк м/сек*=1,36 *а. к.*=859,84 *ккал/с*.

КИЛОГРА́ММ (кг, kg) – массанын Эл аралык *бирдиктер системасындагы* негизги бирдиги. Белгилениши – *кг*. К. Чен ж-а салмактын Эл аралык бюросунда сакталуучу (Париждин жанындагы Севр ш.) Эл аралык үлгүнүн массасына барабар. К-дын үлгүсү платина (90%) м-н иридий (10%) куймасынан жасалган, цилиндр формасындагы тараза ташы (бийикт. ж-а диаметри 39 *мм*). К-дын үлүштүк бирдиги *грамм* (*г*), 1 *кг*=1000 *г*. Эталон – көчүрмөлөрдүн үлгүгө салыштыруудагы ката $2 \cdot 10^{-9}$дан ашпайт.

КИЛЬ – Германиянын түндүгүндөгү шаар. Шлезвиг-Гольштейн жеринин (адм.-айм. бирдик) адм. борбору (1946-жылдан). Балтика деңизинин жээгинде, Киль бухтасында жайгашкан. Калкы 236 миң (2008). ГФРдин түндүгүндөгү башкы жол тоому. К-де ылдам жүрүү үчүн 6 автомагистрал кесилишет. Маанилүү соода, балык уулоочу ж-а жүргүнчү ташуучу порт (2006-ж. жылына 4,4 млн *т* жүк, 1,7 млн жүргүнчү ташылат; Балтикадагы германиялык порттордун ичинен 2-орунда). Паром аркылуу Гётеборг (Швеция), Осло (Норвегия), Клайпеда (Литва), Санкт-Петербург ж-а Калининград (Россия) ш. м-н байланышат.

1242-ж. негизделген. 19-к-дын 2-жарымында согуш кемелерин куруунун [illegible] борбору болгон. 1860-ж. верфтер курулган [illegible] *саль тынчтык келишими (1919)* б-ча вер[illegible]скердик өндүрүш токтотулган. Шаардын [illegible]бөлүгүндө Гольштейн-Готторп герцогд[illegible]ак сарайлары (1280-ж. чен, бул жерде [illegible]Россия императору Пётр III туулган), ра[illegible]907–11), Ыйык Николай чиркөөсүнүн ал[illegible] Э. Барлахтын «Рух үчүн күрөшүүчү» скуль[illegible]сы (1928), «HSH Nordbank AG» банк корпора[illegible]сынын 2 штабквартирасынын бирөө ж. б. жайгашкан. Машина, кеме куруу ж-а ремонттоо, тамак-аш (балык беленделет, тоңдурулат, консерваланат), хим. (а. и. фармацевтика) ж-а жеңил (полигр., эмерек) ө. ж. иштеп, атайын танкерлер (нефть продукциялары ж-а суюк химикаттар ташылат), сүзүп жүрүүчү балык з-ддору, аскер кемелери (дүйнөдөгү алдыңкы өндүрүштөрдүн бири), локомотивдер, т. ж. үчүн жабдуулар ж. б. чыгарылат. Радиоэлектроника, электр-тех., жогорку тактыктагы оптикалык ж-а мех. приборлор, телекоммуникация, радиоаппаратура ж-а кемелер үчүн жабдуулар, аквалангдар, деңиз миналары, тереңдикте колдонулуучу бомбалар ж-а курал-жарактарды чыгаруу өнүккөн. Кристиан Альбрехт атн. ун-т [1665, Германиядагы эң ири ун-ттердин бири; курамында 165 ил.-из. бөлүмчөлөрү, а. и. ин-ттар; музейлер (зоол., геол., минерал.)], Мутезиус иск-во ж-а дизайн (1907; 2005-жылдан ун-т), Киль жогорку мектеби (1969), ил. мекемелер, музейлер (а. и. иск-во ж-а шаар галереялары, кемечилик, медицина ж-а фармацевтика тарыхы ж. б.), театрлар («Шаушпильхаус» 1898; «Оперихаус» 1907), ири концерт залдары, филармониялар бар. Эл аралык музыка (1986; 2008-ж. орус музыкасына арналган) ж-а «Киль күндөрүнүн жаңы музыкалары» (2006; жыл сайын) фестивалдары өткөрүлүп турат. К. – Европадагы парус спортунун ири борборлорунун бири. К-ге жакын Мольфзе ш-нда ачык асман астында Шлезвиг-Гольштейн музейи уюштурулган.

Шаардын борбордук бөлүгү.



КИЛЬЧИЧА́КОВ Михаил Еремеевич (21. 11. 1919-ж. т., Хакас АОсу, улус Манныгасулусу, Аскиз р-ну) – хакас драматургу ж-а акыны. М. Горький атн. Ад-т ин-тун бүткөн (1953). Чыглыгы 1947-жылдан башталган. Хакас айлынын согуштан кийинки турмушун чагылдырган «Аюу колот» (1956) комедиясы м-н таанылган. К. – «Жалбырактар неге саргаят» (1961) драмасынын, «Тирүү кан» (1962), «Жүрөктө калган тактар» (1964) ж. б. ыр жыйнактардын автору. Анын айрым чыгармалары кыргыз тилине ко-

торулган. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

КИМ Валерий Леонидович (29. 9. 1951-ж. т., Ош ш.) – педагог, педагогика илимд. доктору (2000), проф. (2002). КМУну бүтүргөн (1973). Кыргыз ССР ИАнын Физика ж-а математика ин-тунда ил. кызматкер (1976), Кырг-н КП БКнын Фр[illegible]зе шаарко-мунда ж-а К[illegible]-н ЛКЖС БКда бөлүм ба[illegible]ы (1976–79), КМУУда с[illegible]туучу, кафедра башчы[illegible] (1979–93), ошол эле окуу [illegible]га караштуу Интеграц[illegible] ин-тунун директору (199[illegible]08), КР Билим берүү мини[illegible]ринин орун басары (1998–99), И. Арабаев атн. Пед. ун-тинин эл аралык байланыштар б-ча проректору (1999–2000), сырттан окуу ин-тунун директору (2000–02), КР Президентине караштуу секретариаттын инвестициялык маркетинг б-ча эксперти (2002–05), Кыргыз мамл. дене тарбия ж-а спорт академиясынын ректору (2005–10) болгон. 50дөн ашык ил. ж-а ил.-методикалык эмгектин автору.



КИМ Владимир Ильич (1. 9. 1934-ж. т., Владивосток) – ветеринария илимд. доктору (1991), проф. (1998). Россиядагы Саратов ш-ндагы зоовет. ин-тту (1957), ошол эле жерде аспирантураны (1965) бүтүргөн. РСФСР Чита обл-нун Урей МТСинде ветврач, башкы ветврач , Казак ССРинин Целиноград (азыркы Семей) обл-нун Есил р-нунда вет. лабор-нын башчысы (1961–66). Кыргыз ССРинин бруцеллёзго каршы экспедициясынын башчысы (1976–85), Кыргыз ССР ИАнын Биохимия ж-а физиология ин-тунда лабор. башчысы (1967–76), 1985–2006-ж. Кыргыз ветеринария ИИИде бөлүм башчысы. 2006-жылдан РФте жашайт. Вет. микробиология, вирусология, эпизоотология илимдери б-ча адис. 130дөн ашык ил. эмгектин, 2 монографиянын, 15 ойлоп табуу күбөлүгүнүн автору.

Эмг.: Инструкция о мероприятиях по профилактике и ликвидации бруцеллёза животных (в соавторстве). М., 1982; Наставление по диагностике бруцеллёза (в соавторстве). М., 1982.

КИМ Олег Дмитриевич (1958-ж. т., Бишкек) – юридика илимд. доктору (1999). Свердлов р-ндук ички иштер бөлүмүндө тергөөчү, Фрунзедеги «Чолпон» ф-касында юрист-консультант, КМУда окутуучу, доцент, проф. 40тан ашык ил. эмгектин (а. и. 1 монография, 5 окуу куралы) автору.

Эмг.: Расследование дорожно-транспортных происшествий. Уч. Пособие. Б. «Илим», 1998; Мы и право. Учебник. Б. «Илим», 2000.

КИМАКТАР, к и м е к т е р – о. кылымдагы түрк урууларынын бири. К. этноними алгачкы жолу 8-к-да эскерилген. Перс тарыхчысы *Гардизинин* эмгегиндеги имек (имак), кытай хроникаларында яньмо, *«Худуд ал-аламда»* кимекия (кимакия), М. *Кашгариде* йемектер бир этнос катары берилген ж-а теги жагынан *кыпчак*, *кумандар* м-н байланышы бар болуп эсептелет. Кээ бир маалыматтарда отуз-татар, огуз-татар, огуз урууларынын бири катары берилген. 7-к-да Түн. Алтайда, Иртыш д-нын ортоңку агымдарында, 9–11-к-да Чыгыш ж-а Борб. Казакстандын аймактарында жашап, түштүгүнөн кыргыздар м-н чектешип турганы айтылат. К-дын этностук курамын эймур, имак, татар, байандур, кыпчак (кыбчак), ланиказ, ажмад уруулары түзгөн. 740–840-ж. *Уйгур кагандыгына* карап, ал кулагандан кийин өз алдынча кагандык болуп калган.

Ад.: Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 1. Б., 2000; *Кумеков Б. Е.* Государство кимаков IX–XI вв. по арабским источникам. А.-А., 1972; Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана / Сост. Т. Д. Джуманалиев. Т. 1. Б., 2007.

КИМБЕРЛИ – Австралиянын түн.-батышындагы плато. Байыркы кристаллдык тектерден ж-а кумдуктардан, чыгышы базальттан турат. Бийикт. 936 *мге* чейин. Климаты субэкватордук, жайы нымдуу. Түштүгүндө кургакчыл, түндүгүндө дайыма жашыл эвкалипт токою мүнөздүү.

КИМБЕРЛИ́Т (Түш. Африкадагы Кимберли ш-нан табылган ж-а анын атынан аталган) – курамында алмаз кристаллдары бар ультранегиздүү магма теги. Негизинен оливин (60%), кальцит (14%), флогопит (13%), пироп м-н диопсид (6%), апатит, перовскит минералдары (7%) кездешет. Өзгөрүлбөгөнү көгүш кара түстө, өтө нык, *брекчия* сымал. Магмадан көтөрүлүп чыккан газдардын жарылуусунан келип чыгат. Боштуктарды, көңдөйлөрдү толтурат. Мындай боштуктар К. түтүгү деп аталат. Түтүк тегерек түсполдө болуп, диаметри 25–800 *мге* жетет. Утур тереңдеген сайын ичкерип отуруп дайкага айланат.

К. жер кыртышынын терең бөлүгүндө пайда болуп, жегич-ультранегиздүү курамы м-н мүнөздөлөт. Тоо тектердин лампрофирлер тобуна кирет, башка тектердин петрохим. өзгөчөлүктөрү м-н айырмаланат. Курамында титан, алюминий, калий, фосфор, магний, натрий, темир көптүк кылат. Карбонатиттерге караганда стронций ж-а сейрек кездешүүчү элементтер жокко эсе.

Терминди биринчи жолу англ. геолог К. Льюис 1887-ж. сунуш кылган. Ал бардык алмаз кездешүүчү жарылуу түтүгүндөгү тоо тектерди К. деп атаган. К. – өтө нык, брекчия түрүндөгү тоо тек. Цементи күчтүү өзгөрүүлөргө дуушарланган. Негизги массасы эң майда порфирлүү, айнек сыяктуу, карбонат-серпентиндүү. Оливин, флогопит, кенташ минералдары, бир аз апатит, клинопироксен кездешет. Микролиттик түзүлүштөн турат. Акцессор түрүндө пироп, хромшпинелид, циркон, алмаз жолугат. Жарылуу түтүгүн пайда кылуучу К-ке брекчия, туф түрүндөгү текстура, дайка, шток, силл, штокверктерди түзүүчү интрузиялык К-ке массивдүү текстура мүнөздүү.

К. порфирлүү структурага ээ. К. алмаз кени жолугуучу түзүлүш болуп саналат, о. эле гранат, оливин, циркон сыяктуу асыл таштар да кездешет. Бардык континенттик жер кыртышында жолугат (к. *Алмаз*).

Ад.: *Доусон Д.* Кимберлиты и ксенолиты в них. М., 1983; *Франтессон Е. В., Лутц Б. Г.* Кимберлитовый магматизм древних платформ. М., 1995.

КИМВРЛЕР – Ютландия ж. а-на алгач отурукташкан герман уруулары. Б. з. ч. 2-к-дын аягында К. тевтондор ж-а амброндор м-н бирге түштүктөгү Галлияга чабуул баштап, б. з. ч. 113-ж. Нореяда жеңишке ээ болгон. Б. з. ч. 102-ж. Түн. Италияны дээрлик басып алган, бирок б. з. ч. 101-ж. Лутаций Катул м-н Гай Марийдин аскерлери Верцеллынын алдында К-ди талкалаганда, кол башчысы Бойорикс өлгөн. К-дин көбү кулдукка сатылган, калгандары түндүккө жер которгон.



КИМ ИР СЕН, Ким Сон Чжу (15. 4. 1912, Пхеньянга жакын Мангёндэ кыш. – 8. 7. 1994, Мёхянсан, сөөгү салынган саркофаг Пхеньяндагы резиденциясына орнотулган) – Корея Элдик Демокр. Респ-ныи (КЭДР мамл. ж-а саясий ишмери; Түн. Корея мамлекетинин негиздөөчүсү. КЭДР маршалы (1953). 3 жолку КЭДР Баатыры (1958, 1972, 1987). 1926-ж. Гирин ш-нда орто мектепте окуп жүргөндө эле комсомолдук жашыруун уюмга кирип, окуучулардын рев-ялык кыймылын башкарган. 1929-ж. рев-ялык иши үчүн камалып, андан бошогондон кийин (1930) Гиринде комсомолдун округдук к-тинин секретары болгон. 1931-ж. Кытай КПнин катарына өткөн. 1932-ж. апрелде Кореянын партизан отрядын уюштурган, кийин ал элдик рев-ялык армияга айланып, К. И. С-дин жетекчилиги м-н Түн.-Чыгыш Кытайда ж-а Кореянын түн. аймактарында япон баскынчыларына каршы активдүү күрөшкөн. Корея бошотулгандан кийин К. И. С. Корея КП Түн. кореялык Уюштуруу бюросунун 1-секретары (1945), Түн. Корея Убактылуу элдик к-тинин (1946), Түн. Корея Демокр. улуттук биримдик фронтунун БКсынын (1946–49), Түн. Корея Элдик к-тинин төрагасы (1947, февраль – 1948, сентябрь). КЭДР министрлер кабинетинин төрагасы (1948, сентябрь – 1972, декабрь). 1972-ж. КЭДРдин жаңы конституциясы кабыл алынганда президенттикке шайланган (1972–94). 1966-жылдан КЭП БКнын Генералдык секретары. Эки Ленин, Кызыл Туу ордендери м-н сыйланган.

Чыг.: Избр. произведения. М., 1987.

КИММЕРИЙ БҮКТӨЛҮҮСҮ – жер кыртышынын мезозой заманындагы бүктөлүү, тоо пайда болуу м-н жүргөн тектон. кыймылы. Магматизм процессинен гранитоид интрузиясы жаралып, чөкмө тектердин калың катмарлары бүктөлүүгө учураган. Бүктөлүү 2 фазада жүргөн, 1-фаза триас мезгилинин акырында башталып, юра мезгилинин башталышына чейин созулган (Крым, Таймыр, Түн. Афганстан, Азиянын түш.-чыгышы, Африканын түш. тарабы). Бул кыймыл байыркы К. б. деп аталган. 2-ф[illegible]каңы киммерий деп аталып, юра мезгилини[illegible]ырынан бор мезгилинин башталышына чей[illegible]ркетке келген. Мында Верхоян-Чукот ай[illegible] Батыш Кордильер, Анд, Памир, Кар[illegible], Борб. Иран, Кавказ ж. б. тоолор бийик[illegible]ерүлгөн.

КИММЕРИЙЛЕР – б. з. ч. [illegible]-к-да кыязы Чыгыш Европанын талаалары[illegible]жердеген көчмөн эл. Аккаддык, антикалык ж-а Библия булактары б-ча алар б. з. ч. 8–7-к-да Чыгыш Европа өрөөндөрүн жердеген. Алгач К. ж-дө ассирия булактарында эскерилет. 715–714-ж. Ассирия падышасы Саргон Пинин Урарту падышасы – Рус Інин жеңишине байланышту эскерилет. Асархадондун мезгилинде К-дин 2 тобу белгилүү: биринчи топ Ассириянын чыгыш тарабында (Маннеде), экинчиси батыш тарабында (Кичи Азияда) жайгашкан. 679-ж. Асархаддон *Каппадокия*да К. падышасы Теушпуну талкалаган. Лигдамис (акад тилинде Дугдамми) падышанын учурунда 675-ж. К. Фригияны, 644-ж. Лидияны басып алышкан. 641-ж. Лигдамис өлгөндөн кийин бийлик анын уулу Сандакшатруга өткөн. 620-жылдары Анатолияда скифтердин падышасы Мадий, 7-к-дын аягында Лидия падышасы Алиатт К-ди талкалаган. Антикалык ад-ттарда К. ж-дө алгач Гомердин «Одиссеясында» (XI, 14) кездешет. К-ге таандык археол. эстеликтерге Түркиянын Норшун-Тепе, Имирлере, Богазкёй, Сард, Гордиона ж. б. ш-нын аймагындагы байыркы скиф дооруна тиешелүү табылгалар кирет. Буга жараша Чыгыш Европада да К-дин археол. эстеликтери скиф эстеликтеринен айырмаланбайт. К. м-н скифтердин мад-ттары бири-бирине жакын болгондуктан, окумуштуулар К. тили иран тилдер тобуна кирет деп божомолдошот.

Ад.: *Алексеев А. Ю., Качалова Н. К., Тохтасьев С. Р.* Киммерийцы: этнокультурная принадлежность. СПб., 1993; *Иванчик А. И.* Киммерийцы. Древневосточные цивилизации и степные кочевники в VIII–VII вв. до н. э. М., 1996; *он же.* Накануне колонизации. Северное Причерноморье и степные кочевники VIII–VII вв. до н. э. в античной литературной традиции: фольклор, литература и история. М.; Берлин, 2005.

«КИМ УЧТУ», «карга учту» – жаштардын тамаша оюну. Топтун башчысы четке чыгып, көзүнө көрүнгөн нерсени («учту, учту, карга учту» же «учту, учту, карагай учту» ж. б.) айта берет. Оюнчулар канаттуу айтылса, ылдам кол көтөрүш керек, учпоочу айтылса кол көтөрбөйт. Жаңылгандар ырдап, бийлеп, элди күлдүрүүчү кызыктуу окуяны айтып берип, жазасын тартат.



тат. Оюн адамды ыкчам ой жүгүртүүгө, түшүнүүгө ж-а жооп берүүгө, тапкычтыкка көнүктүрөт.

КИНГ Мартин Лютер (15. 1. 1929, Джорджия штаты, Атланта – 4. 4. 1968, Теннесси штаты, Мемфис) – АКШ коомдук ишмери, негрлердин жарандык укуктары үчүн күрөштүн лидерлеринин бири. Нобель сыйл. лауреаты (1964). 1955-ж. Бостон ун-тин теология доктору наамын алуу м-н бүтүргөн. 1954-жылдан баптисттер пастору. 1957-ж. африкалык америкалыктардын «Христиандык жетекчиликтин конфедерациясы» уюмун уюштурган ж-а жетектеген. 1963-ж. Вашингтондо миндеген адамдар катышкан митингде чыгып сүйлөп, АКШнын бардык жарандары тең укукка ж-а эркиндикке ээ болуш керек деген оюн билдирип, негрлерди ак адамдар м-н биргелешип аракеттенүүгө чакырган. 1966-ж. Чикагодогу расалык дискриминацияга каршы кыймылды жетектеген, АКШнын Вьетнамдагы агрессиясына каршы чыккан. 1968-ж. жакырчылыкка ж-а укуксуздукка каршы күрөшүүдө бардык расанын жакыр жашаган адамдарын бириктирүү максатында «Жакырлар кампаниясын» түзгөн. К. бир нече жолу түрмөгө камалган. 1968-ж. 4-апрелде Мемфис ш-нда расачылар жалдаган снайпердин огунан өлгөн. Анын өлүмү АКШнын 100дөн ашык шаарларында негрлердин толкундоолорун чакырган. АКШдагы епископ чиркөөсү К-ди «азап чеккен ыйык киши» деп белгилеген. 1986-жылдан АКШда январдын үчүнчү дүйшөмбүсү Мартин Лютер Кинг күнү деп белгиленип, улуттук майрам катары эсептелет. АКШда Мартин Лютер Кингдин мемориалдык фонду иштейт.



Ад.: *Кондрашов С. Н.* Жизнь и смерть М. Л. Кинга. 2-е изд. М., 1986.

КИНГСТАУН – Сент-Винсент ж-а Гренадина мамлекетинин борбору, шаар. Сент-Жорж округунун адм. борбору. Кариб денизиндеги Кингстаун булунунун жээгинде, Сент-Винсент а-нын түштүгүндө жайгашкан. Калкы 16,6 мин (2008). Порт. Эл аралык аэропорту бар. Автомобиль жолдору өлкөнүн башка шаарлары м-н байланыштырат. Шарлотт форту (18-к.), Ыйык Мария собору (19-к.) сакталган. Бишопа менчик коллежи (1963), улуттук музей, стадион бар. Ботан. бак (1765; Батыш жарым шардагы эң эски тропикалык өсүмдүктөрдүн коллекциясы өстүрүлөт) уюштурулган. А. ч. продуктулары иштетилет. Өлкөнүн башкы соода-финансы борбору. Туризм өнүккөн.



Шаар көрүнүшү.

КИНГСТОН – Австралия ээлиги Норфолк а-нын адм. борбору. Аралдын түштүгүндө, Фижи денизиндеги Эмили бухтасынын жээгинде жайгашкан. Калкы 0,9 мин (2008). К-го жакын жерде эл аралык аэропорт бар. Британиялык лейтенант Ф. Г. Кинг тарабынан 1788-ж. абак шаарчасы (1814-ж. чейин) катары негизделген. 1825-ж. тартиби өтө катаал ж-а шарты оор жаны абак түзүлгөн. 1855-ж. коомдун каршылыгынын негизинде ал абак жабылган. Норфолк а-нын кеңири автономиясы токтотулгандан кийин (1856-ж. 1-январь), К. – анын адм. борбору. 1850-жылдар аягында кит уулоо үчүн пайдаланып, калкы аз калган. К-до Норфолктун адм. мекемелери, губернатордун резиденциясы, аралдын администрациясынын имараты, өкмөттүн жыйындар залы, сот имараты бар. 20-к-дын 2-жарымынан аралдын администрациясы эски курулуштарды сактап, калыбына келтирүү үчүн чара көрө баштаган. Норфолк а-нын музейи уюштурулган. Калкы негизинен туристтерди тейлейт. Жеңил, тамак-аш ө. ж. иштейт.

КИНГСТОН – Канаданын түш.-чыгыш бөлүгүндөгү шаар. Онтарио провинциясында. Онтарио көлүнүн түн.-чыгыш жээгинде, Ыйык Лаврентий д-нын башатына жакын жайгашкан. Калкы 109,7 мин (2008; агломерациясында 150 мин). Маанилүү жол (автомобиль, суу ж-а т. ж. магистралдары кесилишет) тоому. Французлар тарабынан соода факториясы ж-а форт катары 1673-ж. негизделген. 1846-жылдан шаар. 1998-ж. анын курамына кошуна округдар (Кингстон ж-а Питтсбург) кирген. 19-к-дагы британ чепте-

ри (а. и. Форт-Генри; Ридо каналына кирүүнү коргоо үчүн салынган) ж-а канал *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. Неоготика стилиндеги Кудай эне собору (1843–48), мэрия имараты (1842–44) сакталган. Король унти (1841), Канада король аскер коллежи (1876), сүрөт галереясы, музейлер (геол., минерал., криминология, деңиз ж. б.), Эл аралык муз үстүндөгү хоккей федерациясы (1965), театр (симф. оркестр иштейт) бар. Жыл сайын канадалык кино (2001) ж-а эл аралык жаз музыка фестивалдары (2005) өткөрүлүп турат.

КИ́НГСТОН – Ямайка мамлекетинин борбору, шаар. Ямайка а-нын түш.-батыш бөлүгүндө, дөнсөөлүү түздүктө, Кариб деңизинин жээгинде жайгашкан. Калкы 578,5 миң (2008, Чоң Кингстон шаар агломерациясында 941 миң). Эл аралык аэропорту бар. Деңиз порту (жылына 18 млн *т* жүк ташылат). Жыл сайын август–октябрда ураган болуп турат. Өлкөнүн маанилүү соода-



Шаардын борбордук бөлүгү.

экон. борбору ж-а Кариб деңизиндеги ири порт. Британиялык келгиндер тарабынан 1693-ж. негизделген. 1703-ж. өрттөн жапа чеккен. 1872-ж. Ямайканын адм. борбору статусуна ээ болгон. 1944-ж. К-до Ямайканын жаңы конституциясы кабыл алынып, 1950-жылдардын аяк ченинде Вест-Индия федерациясынын курамына киргизилип, арал өзүн-өзү башкаруу укугуна ээ болгон. 1962-ж. августта Ямайка көз каранды эместикке ээ болгондон анын борбору. К-дун борборунда заманбап курулуштар курулган. Чыгышында Рокфорт чеби (17-к.), Сент-Томас чиркөөсү, парламент үйү (18-к.) ж. б. бар. Өлкөнүн ишкер, ири экон. ж-а финансы борбору. Ири компаниялардын штаб-квартиралары жайгашкан. Нефть ажыратуу (суткасына 35 миң *баррель*; Венесуэла м-н Мексикадан алат), а. ч. продуктуларын кайра иштетүүчү, тамеки, жеңил, тамак-аш (пиво, ром, кофе) ө. ж. ишканалары, бал камыштан этил спиртин алуучу 2 з-д (жылына 220 млн *л*; үчүнчүсү курулууда) иштейт. Кустардык кол өнөрчүлүгү (белек-бечкектерди даярдайт) өнүккөн. К. – бангизаттарды (марихуана, кокаин, героин) жашыруун өндүрүүнүн ири борбору. Ин-ттер (а. и. Ямайка инту (1879)], технол. ун-т (1…), музейлер (а. и. аскер, Боба Марли), улуттук галерея бар. Ботан. бак уюштурулган. [illegible] деңизинин бассейниндеги өнүккөн туризмдин ири борборлорунун бири (негизинен А… келет; 65%).

КИ́НГСТОН-АПО́Н-ХАЛЛ, Гуллль – Улуу Британиянын чыгы… бөлүгүндөгү шаар, Англияда; унитардык түзүлүш статусуна ээ (1996). Калкы 261,0 миң (2005). Лондон м-н т. ж. аркылуу түздон-түз, Ливерпуль, Манчестер ж-а Лидс ж. б. ири шаарлар м-н автомагистралдар аркылуу, Хамбер д-ндагы көпүрө м-н Англиянын түштүгүндөгү шаарлар м-н байланышат. Ири деңиз порту (2005-ж. 13,4 млн *т* жүк ташылган). Роттердам (Нидерланд) ж-а Зебрюгге (Бельгия) ш. м-н үзгүлтүксүз паром аркылуу байланышат. Эл аралык аэропорттору (Хамберсайд, шаардан 32 *км*; Робин Гуд, 77 *км*) бар. Шаардын бир топ бөлүгү деңиз денг. төмөн тургандыктан, суу каптоого (2007, турак үйлөрдүн 20%и) учурап турат. 12-к-дын аягында кечилдер негиздеген. 20-к-да ири деңиз соода борбору ж-а дүйнөдөгү балык кармоочу ири порттордун бири. Готика стилиндеги Ыйык Троица чиркөөсү (1300), чеп-цитадель (1514), шаардык грамматика мектеби (1583), Уильям IIIнүн монументи (1734) сакталган. Шаардын экономикасында тейлөө чөйрөсү басымдуу. Жыгаччылык, тамак-аш (ун, май) ө. ж., «British Petroleum» (уксус к-тасы, ацетон, этилацетат ж. б.), «Smith & Nephew» (мед. технология ж-а материалдар, ортопедия техникалары), «Seven Seas» [азык-түлүк, балык (тресканын боорунан) майы ж-а анын негизинде витаминдер] ж. б. ишканалары иштеп, лак, сыр, туристтер үчүн авточиркегич ж-а карапа буюмдары чыгарылат. Ун-ттер (а. и. мед. колледж), музейлер (а. и. тарых, транспорт, деңиз ж. б.), сүрөт галереясы (1927), англ. филантроп У. Уилберфорстун үйү (2007-жылдан музей), 3 ири театр, дүйнөдөгү ж-а Европадагы эң ири океанариум бар. Жыл сайын жармankелер ж-а фестивалдар (ад-т, деңиз, рок музыка ж-а комедия жанрлары б-ча) өткөрүлүп турат.

КИ́НДИА – Гвинеянын түш.-батышындагы ири шаар. Киндиа префектурасынын адм. борбору. Калкы 181 миң (2008). Шаар 1904-ж. француздар тарабынан К. – Конакри т. ж-нун курулушуна байланыштуу негизделген. Француздук Батыш Африканын, 1958-жылдан көз каранды эмес Гвинеянын курамына кирген. Колдонмо биология ж-а Пастер ин-ттары (1948), агрономия из. борбору, Микробиол. ж-а вирусол. ил.

лабор-сы ж. б. бар. К. а. ч. продуктуларынын (дан эгиндери, жемиш, мал) ири соода борбору. Тамак-аш (жемиш консервалары ж-а ширелери) ө. ж. ишканалары иштейт. Жыгач иштетилет.

КИНДИК – адамдын ж-а сүт эмүүчү жаныбарлардын түйүлдүк эне организми м-н туташтыруучу (чобу жолду аркылуу) анат. түзүлүш. Адамдын К-ик… уз. 50–60 *см*, жоондугу – 1,5 *см*ге чейин. …тин кескен жеринин калган калдыгы түшкөн…э, курсактын ортосунда тырык (чункур) …да болот. Ал толук айыкпаса, кээде К. чурку… болуп, аны танып байлоо ж-а операция жолу… ж-н айыктырат.

КИНДИК ВОЛЬФРА́М КЕНИ Ош обл-нун Ноокат р-нунда, Алай кырка тоосунун түн. капталында, Киндик суусунун баш жагында, деңиз денг. 4000–4200 *м* бийикте. 1940-ж. ачылган. 1976–78-ж. геол. картасы түзүлгөн ж-а изилденген. Кен аймагынын геол. түзүлүшүнө акиташ катмарчасынан турган терриген катмары ж-а аны жиреп чыккан гранит интрузиясы катышат. Граниттин акиташ м-н болгон чегинде скарн тулкулары бар. Алардын уз. 320 *м*, калыңдыгы 20 *м*ге чейин. Скарн м-н шеелит, молибденит минералдары байланышта. Вольфрамдын үч оксидинин орт. өлчөмү 0,26%. Кенташтын C_2 категориясы б-ча запасы 1135,0 миң *т*, вольфрамдын үч оксиди – 2951 *т*.

КИНДИК ЭНЕ – бала төрөлгөндө киндигин кескен аял; К. э. баланы биринчи көрүп, ата-энесине сүйүнчүлөгөн адам, ал – баланын өмүр бою урматтап, сыйлап жүрөр энеси. Кыргыз эли жарык дүйнөгө келген ымыркайды биринчи жерден алып, киндигин кесип, киндик канын жерге тамызып, ороп алууну өтө кастарлуу, сыймыктуу иш катары баалашкан. Баланын кулкмынөзү, кайраты киндик энесине жараша болот деген түшүнүк б-ча К. э-ни кайраттуу, үлгүлүү, алпейим, дили ак аялдардан тандашкан. Ошондон улам элде «жетемди эмес, жерден алганымды тартам» деген сөз айтылып калган. Киндик кесүүчү аспап катуу, сүрдүү болгон. Байыркы мезгилде кыргыз эли баланын киндигин муз м-н кесип, муздай тунук, сууктай кайраттуу болсун деп ырымдашкан. «Кыргыз эли муз менен киндигин кескен тууштуу элбиз» деген сөз эмдигиче айтылат. Киндик кесүү ак бата айтуу м-н коштолгон. Баланын жети энеси болот. Алар: киндик эне, өз эне, чоң эне, таене, кайын эне, өкүл эне, аяш эне. Киндик эне – булардын эң алгачкысы. Учурда балдардын киндик энеси врачтар болуп калды.

Ы. Кадыров.

КИНЕМА́ТИКА (гр. kinēmatos – кыймыл) – *механиканын* бөлүмү; мында нерсенин кыймылынын геом. касиеттери нерсенин массасын ж-а ага аракеттенүүчү күчтү эсепке албай эле изилденет. К-да ар кандай объектилердин кыймылы башка нерсеге (эсептөө системасынын) баштапкы шарттарга жана убакытка карата кандай болоорун аныктоо маселелери каралат. Кинематикалык маселелерди чыгарууда нерсенин кыймылын сүрөттөө үчүн эсептөө системасы тандалып алынат. Нерсенин кыймылын изилдөөдө ал ээлеген орду убакыттын өтүшү менен кандай өзгөрөрү аныктал

айлануучу катуу нерсенин К. э. $E_к=Iw^2/2$, – нерсенин айлануу огуна карата инерция моменти, w – нерсенин бурчтук ылдамдыгы. К. э. нерсенин кыймылын токтотуучу күч аткарган жумуштун чоңдугу м-н аныкталат, *джоуль* (*Дж*) м-н ченелет.

КИНО... (гр. kinéō – жылдырам, жылам) – татаал сөздөрдүн кинематографияга байланыштуулукту билдирген биринчи бөлүгү (мис., кинокомедия, кинотеатр).

КИНО́ – *кино искусствосунун, кинематографиянын* же *кинотеатрдын* кеңири тараган кыскача аталышы.

КИНОАКАДЕ́МИЯ – Кырг-нда улуттук кинону ар тараптан өнүктүрүү максатында 2000-ж. түзүлгөн. Анык мүчөлөрү кино ишмерлер: Ч. *Айтматов*, Л. Турусбекова, Т. *Океев*, Б. *Бейшеналиев*, Б. *Шамшиев*, Н. *Борбиев* ж. б. Тунгуч президенти – Г. Базаров (2000–02), 2002-жылдан М. *Байжиев*.

КИ́НОВАРЬ – сульфиддер классына кирүүчү минерал. Хим. формасы HgS. *Тригон системасында* кристаллданат. Өңү-түсү кызыл, ачык кызыл, кээде күңүрт тартып, көгүш боз болуп кубулжуйт. Алмаздай күчтүү жалтырайт. Катуулугу *Моос шкаласы* б-ча 2–2,5, с. салм. 8. Төмөнкү темп-радагы гидротерм кендеринде кварц, кальцит, барит, антимонит, пирит, марказит ж. б. минералдар м-н бирге пайда болот. К. – сымаптын кенташы. Кызыл боёк даярдалат (байыркы Египетте сүрөт тартуу үчүн колдонгон. Байыркы заманда кытайлар бычак м-н кырып алышып, жаратка сыйпашкан. Ошол себептен кытайдын «кырма кызыл дарысы» деп аталып калган).



КИНОГО ТАРТУУ – кинотасмада тартылуучу объектинин кыймылынын ар түрдүү фазадагы сүрөттөлүшү бар бир катар ырааттуу кадрларды алуу; фильмди жаратуунун негизги этаптарынын бири. Адатта К. т. 24 кадр/*сек* жыштыкта ишке ашырылат; аз жыштыктуусу киного жай тартуу, көп жыштыктуусу тездетилген, ылдамдатылган ж-а өтө ылдамдатылган К. т. деп аталат.

КИНОДРАМАТУРГИ́Я – чыг-лыктын адабий-кинематогр. түрү; фильмдин адабий ж-а көркөм-идеялык негизи. Кино иск-восундагы сүрөттөө каражаттарынын өсүп-өнүгүшүнүн түздөн-түз таасири м-н калыптанган. К. адабий образдуулуктун каражаттарына да ээ. К-нын табияты бир жагынан ад-тка, экинчи жагынан *кинематографияга* жакын болгондуктан, эки типтеги сценарийдин болушун шарттайт. Биринчиси – сценарий – өз алдынча көркөм чыгарма; экинчиси – болочоктогу фильмдин мазмуну м-н көркөм долбоорун айкындай турган адабий материал. Кинодраматургдар кинонун, о. эле ад-ттын көркөм каражаттарын пайдаланып, турмуш окуяларын түздөн-түз сүрөттөшөт. 20-к-дын 10-жылдары үнсүз киносюжет, кейдеп ж-а түзүлүштөр көбүнчө адабий чыгармалардын алынса, 1920-жылдардын аягында прозанын драманын касиеттерин ж-а мүмкүнчүлүгүнүн айкалыштырган өзүнчө форма иштеликтерды. Кинодо адамдын мүнөзүн ачуунун бир жолжаты – диалог айрыкча маанилүү роль ойнот. Кыргыз К-сынын калыптанышына ж-а өнүгүшүнө кинодраматургдар К. *Өмүркулов*, У. Токомбаев, Ш. Апылов, К. Жусубалиев, М. Гапаров, Б. Сарыгулов, М. Сарулу, театр драматургдары М. *Байжиев*, Б. *Жакиев*, А. Жакыпбеков ж. б. активдүү катышкан. Ч. *Айтматовдун* чыгармалары К-нын өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген.

КИНОЖУРНА́Л, к. *Документ кино*.

КИ́НО ИСКУССТВОСУ – көркөм чыгармачылыктын бир түрү; өзүнүн өзгөчөлүгүнө ылайык ад-т м-н театрдын, сүрөт өнөрүнүн музыканын көркөм касиеттерин синирип пайда болгон ж-а өнүккөн синтездүү иск-во. Иск-вонун башка түрлөрүндөй эле К. и. да турмуш чындыгын чагылдырат. Жаңы фильмди жаратууда кинодраматург, режиссёр, актёрлор, оператор, сүрөтчү, композитор, түрдүү аппаратура, аспаптарды башкарган тех. адистер катышат. К. и. негизинен көркөм фильм, *документ кино, мультипликациялык фильм* ж-а ил.-популярдуу кино болуп бөлүнөт. Фильм чыгаруу ж-а аны көрүүчүлөргө тартуулоо – чыг-лык ж-а уюштуруу ишин талап кылган татаал процесс. К. и-нун өнүгүү тарыхы шарттуу түрдө 4 мезгилге бөлүнөт. Б и р и н ч и мезгил бир тууган Л. ж-а О. Люмьерлер «жандуу фотографияны» ойлоп тапкандан тартып (1895) биринчи дүйнөлүк согуш (1914–18) бүткөнгө чейинки учурду камтыйт. Алгачкы фильмдерде окуя бир жерде тартылып, актёрлор театр техникасын, ад-т м-н театр тажрыйбасын, цирк аттракционунун ыкмасын пайдаланган. К. алгачкы өнүгүшүнө реж. Ж. Мельес, М. Линдер (Франция), Я. Протазанов, В. Гардин (Россия), Д. Гриффит, Ч. *Чаплин* (АКШ) чоң салым кошкон. Э к и н ч и мезгил. 1920-жылдары «үнсүз» кино өз алдынча искусство катары калыптанган. Хроникалуу документ фильм м-н тарыхый рев-ялык монтаждуу фильм чыгарылган. Ү ч ү н ч ү мезгил 1930–40-жылдарды камтыйт. Бул мезгилде кинотасмага үн жазуу техникасы киргизилген. *Кинодраматургия* өсүп, үндүү кинонун пайда болушу актёрлордун чыг-лыгына кеңири жол ачкан. Т ө р т ү н ч ү мезгил. Экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан кийин К-нун өнүгүшүнүн жаңы мезгили башталган. Бул жылдары кинотехниканын мүмкүнчүлүгүнүн кеңейиши м-н көркөм каражаттар көбөйгөн. Түстүү кино тартуу башталып, кең экрандуу ж-а панорамалуу фильмдер пайда болгон. Кең экрандуу фильмдерде стерео үн колдонулат. Фильм дереже катары, коллективдүү эмгектин натыйжасы болуп саналат, ага сценарист, режиссёр, оператор, сүрөтчү, композитор, монтаждоочу, көркөм фильмде актёрлор, о. эле бир катар чыг-лык, тех. ж-а адм. кызматкерлер катышат. Чыг-лык процессте негизги роль режиссёрго таандык. Кырг-нда кино тартуу 1942-ж. башталып, к. *«Кыргызфильм»*.

Ад.: Первый век кино. М., 1996; *Зоркая Н. М.* История советского кино. М., 2005.

КИНОКА́ДР, к. *Кадр*.

КИНОКА́МЕРА – кино тартуучу аппараттын көп колдонулуучу аталышы, к. *Кино тартуучу аппарат*.

КИНОКОМЕ́ДИЯ – *кино искусствосунун* бир түрү. К-га турмуштагы айрым көрүнүштөрдү күлкүлүү кылып көрсөтүү мүнөздүү. Анын көптөгөн жанрдык формасы ж-а түрлөрү бар. Азыркы К-да коомдук ж-а моралдык маанилүү маселелерди көтөргөн сатиралык ж-а лирикалык элементтер камтылат. Дүйнөлүк К. иск-восунун өнүгүшүнө белгилүү актёрлор А. Дид (Италия), Ч. *Чаплин* (АКШ), Фернандель (Франция), М. Пуговкин, *Г. Вицин*, Л. Гурченко, Е. Леонов, А. Миронов, А. Мягков, Л. Ахеджакова ж. б. (Россия) чоң салым кошкон. Кырг-нда айрым көркөм фильмдердеги («Менин жаңылыштыгым», «Арман», «Айыл өкмөтү» ж. б.) Ш. Түмөнбаевдин, А. Шаршеновдун, К. Абыловдун комедиялык ролдору таасирдүү.

КИНОЛО́ГИЯ (гр. kȳón, илик жөндөмөдө kynós – ит ж-а ...*логия*) – ит ж-дөгү илим. Иттин анатомиясын, физиологиясын, тегин, породасын, итти багуу, үйрөтүү, эл чарбасында пайдалануу иликтейт. К. 19-к-дын 2-жарымында илим катары калыптанган. Грекия, Римде итти багуу, үйрөтүү ж-дөгү эмгектер б. з. ч. эле белгилүү болгон. Азыркы К. иттин негизги 3 тибинин (ишчил, аңчы ж-а эрмектик иттердин) көптөгөн породаларын изилдейт.

Ад.: *Пуньетти Д.* Собаки: Энциклопедия. М., 1998.

КИНОМЕКТЕП – *кинематография* б-ча жогорку билимдүү адистерди даярдоочу окуу жайы. 1993-ж. Б. Бейшеналиева атн. Кыргыз мамл. иск-во ин-тунун алдында Кино ж-а телекөрсөтүүнүн жогорку мектеби ачылган. Директору – К. Акматалиев. Кырг-нда айрым тажрыйбалуу киночулардын да мезгил-мезгили м-н аракеттенүүчү К-тери бар, мис., реж. Э. Абдыжапаровдун К-и.

КИНО МУЗЫКАСЫ, к. *Музыка*.

КИНООПЕРА́ТОР, к. *Оператор*.

КИНОРЕЖИССЁР, к. *Режиссёр*.

КИНОРЕПОРТА́Ж, к. *Документ кино*.

КИНОСТУ́ДИЯ – кинофильм чыгаруучу мекеме. К-да сценарий даярдоодон тартылган фильмди бир нече нускага көбөйткөнгө чейинки иш процесси аткарылат. Көркөм, документ, ил.-популярдуу, окуу фильмдерин ж-а мультипликациялык кинокартиналарды чыгаруучу К-лар бар. К-дагы кино тартуучу топ негизги өндүрүштүк бирдик болуп саналат. Сценарий бөлүмү авторлорго сценарий заказ берип, жазылган сценарийди редакциялайт, андан соң адистер актёрлорду тандоо, павильондун жасалгаларын даярдоо өндүү иштерди бүтүрөт. Документ фильмдердин К-сы фильмдин өзгөчөлүгүнө жараша тартуу иштерин жүзөгө ашырат. Мультфильмдер мультипликациялык станоктордо атайын аппараттар м-н бир ж-а көп пландуу болуп тартылат. Белгилүү К-лар: «Юнайтед артистс», «Жыйырманчы кылым – Фокс», «Коламбиа пикчерс», «Парамаунт» (бардыгы АКШда), «Чинечитта» (Италия), «Мосфильм», «Ленфильм» (экөө тең Россияда), о. эле к. *«Кыргызфильм»*.

КИНОСЦЕНА́РИЙ, к. *Кинодраматургия*.

КИ́НО СЫНЫ, к. *Кино таануу*.

КИ́НО ТААНУУ – кино тууралуу илим; *кино искусствосунун* теориясын ж-а тарыхын, а. и. актёрдук чыг-лыкты, режиссураны, кинодраматургияны, киномузыканы, оператордук ж-а сүрөтчүлүк өнөрдү ж. б. изилдейт. К. т. кино иск-восунун учурдагы абалына талдоо жүргүзүүчү кино сыны м-н түздөн түз байланыштуу. 1950-жылдардын ортосунан К. т-нун дүркүрөп өсүү доору башталып, анын теор. деңгээли жогорулады, дүйнөлүк кино тарыхы терең изилдөөнү талап кылды. Ошол максатта СССРде борб. ж-а респ. иск-во таануу ин-ттары уюшулган. Кырг-нда К. т. 1960-жылдардын аягында башталган. Анын тунгуч өкүлдөрү: К. Ашымов, С. Асанбеков, С. Бөкөнбаев, К. Матиев ж. б. К. Ашымовдун «Кыргызское кино» (1999) аттуу көлөмдүү эмгеги улуттук К. т-да көрүнүктүү орун ээлеген. Кыргыз К. т-сунда Г. Төлөмүшова, В. Михайлов, А. Молдалиева сыяктуу кино таануучулардын жаңы мууну пайда болду.

КИ́НО ТАРТУУ – тартылып жаткан объектинин ар түрдүү кыймылынын сүрөтү м-н кадрларды кинотасмага ырааттуу түшүрүү; фильм тартуудагы көркөм-чыг-лык ж-а өндүрүштүк-тех. процесс. Адатта К. т-нун жыштыгы 24 *кадр/сек*га барабар. Аз жыштыктагы К. т. жай тартуу, чоң жыштыктагысы – тездетилген, ылдам ж-а жогорку ылдамдыктагы деп аталат.

КИНО́ ТАРТУУЧУ АППАРА́Т, к и н о к а м е р а – кинотасмага тартылуучу объектилердин бир катар ырааттуу сүрөттөлүшүн тартуучу оптика-мех. жабдык. Ал 70 *мм* кинотасмага кең форматтуу кино; 35 *мм* кинотасмага жөнөкөй, кең экрандуу кино; 16 *мм* кинотасмага телекөр-

сөткүчтүк, окуу ж-а ил. кино; 8 *мм* (2×8 *мм*) кинотасмага окуу ж-а үйрөнчүк кино тартуучу болуп айырмаланат. К. т. а-тын негизги оптикалык бөлүктөрүн: кинотасманын жарык сезгич катмарында сүрөттөлүштү тартуучу объектив, ж-а аны байкоочу кадрдын чектерин тандоочу визирдик система (визир-лупа) түзөт. К. т. а-та жарык нуру обтюратордун жардамы м-н визирге же кадрдык терезеге багытталып турат. Визир-лупа аркылуу байкалган сүрөттөлүш коллективдүү линзадан алынат. К. т. а-тын мех. бөлүгүн тасма (плёнка) жылдыргыч механизм, кыймыл бергич ж-а обтюратор түзөт. Тасма жылдыргыч механизм кинотасманы берүүчү кассетадан кабыл алуучу кассетага өткөрөт. Керүүчү тиштүү барабан кинотасманы берүүчү кассетадан бир калыпта тартып жылдырып, кино каналына берет. Секирме механизмдин негизинде кинотасма кадрдык терезенин алдынан бөлүнүп өтөт ж-а кино каналына жетпей илмектерди пайда кылып, механизмдин тоскоолсуз иштешине шарт түзөт. Кинотасма кадр терезечесине токтогондо обтюратор ачылып, ал аркылуу берилген жарык м-н объектинин сүрөтү тасмага түшүрүлөт. Кассетага берилген кинотасма, тиштүү барабан аркылуу жайлатылып кабыл алгыч кассетага түрүлөт. К. т. а-тын кошумча жабдууларына: кең экрандуу кино тартуу үчүн анаморфоттук сап, жарык чыпкасы, жарык коргогуч бленда, маскалар (каше), тасма метражын көрсөткүч, тахометрлер кирет. Арналышы б-ча К. т. а. кесиптик ж-а ышкыбоздор үчүн, конструкциясы б-ча көтөрүп жүрмө ж-а стационардык болуп бөлүнөт. 1990-жылдардан *видеокамера* сүрүп чыгара баштады.

КИНО́ ТАРТЫЛУУЧУ ПАВИЛЬО́Н – ичине кино тартуу үчүн атайын [illegible]лган ж-а жасалгаланган имарат. Ал – *ки[illegible]удиянын* негизги өндүрүштүк бөлүгү. Аны[illegible]икасы үндү таза жазууга мүмкүнчүлүк б[illegible]зарыл. К. т. п. айнектери жок, ар канд[illegible]струкциялардан тургузулуп, капталына ж[illegible]сүнө үн өткөрбөс материал м-н капталат. [illegible]аттын кино тартылуучу бөлмөсүнүн төбө[illegible]декорацияны, жарык берүүчү аппаратурала[illegible] бекитүүчү механизмдер орнотулат. Павильон кичине (18×24 $м^2$), орточо (21×30 $м^2$), чоң (30×36 $м^2$) ж-а өтө чоң (36×48 $м^2$) болуп курулуп, алардын пайдалуу аянттары 150–14000 $м^2$ ж-а бийикт. 6–25 *мге* жетет. Каалгалары да үн өткөрбөй тургандай жасалат. Ичинде ар кандай көрүнүштөрдү (жамгыр, суу ташкыны ж. б.) жасоо үчүн суу жүргүч тармак, канализация, суу бассейндери курулат.

КИНОТАСМА, киноплёнка – бир нече катмарлуу, эки чети тепчилме тешик ж-а жарык сезгич, ийилчээк тасма түрүндөгү материал. Ал – кино тартууда ж-а кинофильмдердин көчүрмөлөрүн басуудагы эң негизги каражат. Плёнканын чийки заты – кебез. Плёнка чыгаруучу хим. з-дордо кебез мех. аралашмалардан бөлүнүп, майы чыгарылып, агартылып таза жуулат. Ал уксус к-тасына аралаштырылып, ацетилцеллюлоза алынат. Ага ацетон кошулуп, коюу аралашма түзүлөт. Буга пластификатор заттарын (камфара, диэтилфталат, трифенилфосфат ж. б.) кошкондо ийилчээк касиетке ээ болот. Коюу аралашма атайын машиналарга куюлуп, андан К-нын негизи алынат. Негиздин үстүнө атайын жасалган аралашмалар (эмульсия, ортоңку ж-а сырткы катмарлардын аралашмалары) машиналар м-н куюлат. Ортоңку катмар плёнканын негизи м-н эмульсияны (жарыкты сезүүчү катмарды) тыгыз бириктирип, сырткы катмар плёнканы буралуудан сактайт. Плёнканын эң негизгиси – эмульсия катмары. Эмульсия таза желатинден алынат. Плёнкалар түстүү ж-а түссүз болуп бөлүнөт: б[illegible]инчисине ДС-5М, ЛН-7, экинчисине КН-1, К[illegible], КН-3, КН-4 плёнкалары кирет, к. *Киноте[illegible]ка*.













Кино тартуучу аппарат: 1) 70-КСК аппараты; 2) 3-КСХМ «Родина» аппараты; 3) 1-КСРШ «Конвас-автомат» аппараты; 4) 16-СП аппараты; 5) «Красноярск» аппараты; 6) «Кварц-5» аппараты.

КИНОТЕА́ТР [illegible]фильм көрсөтүү үчүн атайын курулган коом[illegible] имарат (же имараттын бир бөлүгү). Ал көр[illegible]үлөр үчүн экрандуу зал, фойе, касса, вестибю[illegible], кино көрсөтүүчү аппарат орнотулган бөлмө ж. б. жайлардан турат. К. алгач 1895-ж. пайда болгон. Күндүзгү, панорамалуу, кең экрандуу, стерео-, өлчөмдүү (3 D), үстү ачык жайкы ж. б. К-лар бар. Бишкекте «Ала-Тоо», «Россия», «Манас», «Октябрь» ж. б. К-лар иштейт.

КИНОТЕ́ХНИКА – техниканын кинофильмдерди чыгаруу, көбөйтүү ж-а көрсөтүү каражаттарын ж-а ыкмаларын иштеп чыгуучу тармагы. Сүрөт тартуучу ж-а көрсөтүүчү алгачкы аппаратты 1895-ж. фр. ойлоп тапкычтар Луи ж-а Огюст Люмерлер жасашкан. Ал аппарат «кинематограф» (гр. kinēma – кыймыл ж-а ...*графия* – жазуу, б. а. кыймылды жазуу) деп аталган. Бул аппараттын негизинде 1895-ж. Парижде эң биринчи кинотеатр ачылган. Кийин көп мамлекеттерде ар кандай конструкциядагы тартуучу, көрсөтүүчү киноаппараттар пайда болуп, 1896-жылдан Франция, Англия, Россия, Бельгия, Германия ж. б. өлкөлөрдө кино көрсөтүлө баштаган. Алгачкы фильмдер үнсүз, түссүз ж-а көлөмсүз тартылган. 1929-ж. Сов. Союзунда А. Шорин, П. Тагер ж-а В. Охотников биринчи жолу кинону үндөштүргөн. Биринчи кинотеатр ачылгандан кийин кинематография өркүндөтүлүп, көп жетишкендиктерге ээ болгон. Фильмдер үндүү, түстүү, кең экрандуу, кең форматтуу, стереофондуу, вариоскоптуу ж-а айланма панорамалуу тартыла баштаган. Кино чыгарууда ж-а көрсөтүүдө ар түрдүү аппараттар колдонулат. Аларга кино тартуучу, үн жазуучу, плёнканы иштетип чыгаруучу, кинофильмдерди басуучу, көрсөтүүчү ж. б. аппараттар кирет. *Кино тартуучу аппараттар* ар түрдүү конструкцияда түзүлөт. Алар көрүнүштөрдү (сүрөттөрдү) биринин артынан бирин улай тартып, аларды өз убагында плёнкага түшүрүп калууга ылайык-таштырылат. Бир секундда тартылуучу *кадрлардын* саны кино тартуунун тездиги деп аталат. Азыр К-ны үзгүлтүксүз өркүндөтүү – сүрөттү көрсөтүүнүн ж-а үндү угузуунун сапатын жакшыртуу, жарыкка өтө сезгич киноплёнкаларды түзүү, оптикалык басуу методу м-н фильмди бир форматтан башка форматка өткөрүп, көчүрүүчү жабдууларды жакшыртуу багытында иштер жүргүзүлүүдө. 1990-жылдардан негизинен *видеокамера* колдонула баштады.

КИНО ҮЙҮ – конф-я, кеңешме, кинофильмдерди көрсөтүү, чыгармачыл кечелерди уюштуруу, жолугушуулар өткөрүлүүчү кино иск-во ишмерлеринин клубу. 1930-ж. Ленинградда, 1934-ж. Москвада ачылган, кийинчерээк Киев, Тбилиси, Баку, Ташкент, Алма-Ата, Рига ж. б. шаарларда түзүлгөн. К. үн-нүн ишин кино жагында инж.- техн. кесиптеги, чыгармачыл өкүлдөрдөн турган кеңеш жетектеген. Москвадагы алгачкы К. үн-нүн кеңешинин төрагасы А. П. Довженко болгон. К. үн. СССР киностудиялары ж-а союздук респ-калардын киностудияларынын жетекчилиги м-н иштеген. Кырг-нда К. үн. 1967-жылдан иштей баштаган, 2003-ж. Ч. Айтматовдун ысмы берилип, «Айтматовдун ак өргөөсү» аттуу бөлмө ачылган. К. үн-ндө Кинематографисттер союзу м-н Кинематография департаменти жайгашкан. К. үн-нүн директорлору: Э. Борбиев, А. Секимов, А. Мураталиев, П. Борбиева, Т. Кулмендеев, Ч. Камчыбекова, 2012-жылдан А. Абдыкадырова.

КИНОФЕСТИВА́ЛЬ – белгилүү программанын чегинде кино чыгармаларынын кароосу. К. ар кандай формада өтөт. Мелдештин салттуу түрү – *Эл аралык кинофестивалдар* (ЭКФ). Кинематографиясы өнүккөн өлкөлөр кино жетишкендиктерин көрсөтүү, анын андан аркы өнүгүү багытын аныктоо максатында өз фильмдеринин фестивалдарын уюштурушат. Айрым өлкөлөрдө тигил же бул темага, же белгилүү кино ишмерлерине арналган фильмдерди көрсөтүү да фестиваль деп аталат. Маданий ж-а эл аралык байланыштардын өсүшү ж-а кино ишмерлеринин өз ара маалымат алмашууга умтулуусу фестивалдын улуттук фильмди чет өлкөдө көрсөтүү сыяктуу түрүн белгиледи. Мындай К. он күндүк, цикл, кароо, айлык, жумалык, күн деген аталышта уюштурулат. К. – жалпы ж-а атайын (кинематографиянын жанры ж-а түрлөрү), конкурстук ж-а конкурстан тышкары, эл аралык, улуттук ж-а жерг. болуп бөлүнөт. К-дын системасына (кинорыноктор, кинодолбоорлор рыногу, сыйлыктарды тапшыруу, фильм тарткандар м-н көрүүчүлөрдүн жолугушуусу, салтанаттуу премьералар, ил. ж-а пресс-конф-ялар, кабыл алуулар, чеберчилик класстары, семинарлар, ж. б.) кино искусствосун коомчулукка жеткирүү иш-чаралары кирет. К. жылына бир жолу же эки жылда бир уюштурулат. Биринчи К. Венецияда 1932-ж. өткөн. Канны (1946) ж-а Берлин (1951) фестивалдары таасирдүү деп эсептелип, жалпы профилдеги толук метраждуу фильмдердин ЭКФи тобуна («А» классына) кирет. О. эле кино өндүрүшүнүн ири борборлору – Локарно (1946), Карлови-Вари (1946), Сан-Себастьян (1953), Каир (1976), Токио (1985), Шанхай (1993) ж. б. шаарларда өтүүчү ЭКФ м-н

бирге кыска метраждуу (Оберхаузен, 1935), анимациялык (Франция, 1960), эксперименттик (Роттердам, 1972) ж. б. фильмдердин ЭКФтери өткөрүлүп турат. СССРде биринчи К. 1935-ж. Москвада өтүп, 1959-ж. кайрадан башталган (1972-ж. «А» классына кирген; 1999-ж. чейин эки жылда бир, кийин жыл сайын). Россияда о. эле даректүү, кыска метраждуу, ойномо ж-а анимациялык фильмдердин атайын конкурстук көптөгөн К-дары өткөрүлөт. «Россия» улуттар аралык даректүү кинолордун ачык фестивалы [Бүткүл союздук кинофестиваль (БКФ) катары 1988-ж. өткөн], «Кинотавр» (1991, Сочи), «Киношок» (1992, Анапа, биринчи жолу «Авангард кинонун «Киношок» форуму» катары өткөн), Балтика ж-а КМШ өлкөлөрүнүн ачык фестивалдары (1995) өткөн. СССР мезгилинде К. Ташкентте (Азия, Африка ж-а Латын Америкасы өлкөлөрүнүн, 1968), Киевде («Молодость», 1970), Ригада («Арсенал», 1988), Алма-Атада («Евразия», 1998) ж. б. өтүп турган. Кыргыз кино ишмерлери да мындай фестивалдарга өз фильмдери м-н үзбөй катышып турушат ж-а сыйлык алган фильмдер: «Ак илбирстин тукуму» (реж. Т. Океев, «Күмүш аюу», Берлин, 1985), «Ысык-Көлдүн кызгалдактары» (Б. Шамшиев, БКФтин Атайын байгеси, Страсбург, 1973), «Ак кеме» Б. Шамшиев, БКФтин Чоң байгеси, Фрунзе, 1976, БКФтин «Альп алтын рододендрону» Гран-Приси, Тренто, Италия, 1977), «Жалаң эркектер» (А. Видугирис, «Дамасктын күмүш кылычы» Гран-Приси, 2-БКФ, Дамаск, 1981), «Бороондуу бекет» (Б. Карагулов, «Алтын камера» сыйл., Берлин, 1996), «Саманчынын жолу» (Г. Базаров, БКФтин Атайын байгеси, Австрия, 2006), «Беш кемпир» (А. А. Кубат, «Кыргызфильм» –«Ное-Продксьон», «Күмүш кабылан», Локарно-Швейцария, 1998; «Кинотасмалардын күмүш кутучасы», Сингапур, 1998), «Айыл өкмөтү» (Э. Абдыжапаров, «Дидор» ЭКФтин Гран-Приси, Дүйшөмбү, 2004; ЭКФтин Мыкты режиссура үчүн байгеси, «Киношок», Анапа) ж. б. 2000-ж. Т. Бирназаров, Т. Ибрагимов, Б. Абдылдаев, М. Сарулу, М. Алыкулов ж. б. кинорежиссёрлордун фильмдери ЭКФтердин байгелерине арзыган. 2007-ж. Кырг-нда ШКУга кирген өлкөлөрдүн 1-Эл аралык кинофестивалы өткөрүлгөн, 2008-ж. бул К. Азия, Европа, Америка континенттеринин 15тен ашуун мамлекеттеринин өкүлдөрүнүн катышуусу м-н экинчи ирет уюштурулган.

Ад.: *Плахов* А., Под знаком F. Кинофестивали. М., 2006; *Төлөмүшова* Г. Кыргызское кино в лицах. Б., 2009. *Г. Төлөмүшова.*

КИНОФИ́ЛЬМ, к. *Фильм.*

КИНОФИ́ЛЬМДИ КУРАШТЫРУУ – фильмди түзүүдөгү чыг-лык ж-а тех. процесс. Мында тартылган киноматериалдардан же кураштырма *кадрдан* тандоо, ылайыкташтыруу ж-а туура келтирүү аркылуу кураштырып кинофильм түзүлөт. Бул процесс фильмдин драматургиялык ж-а тема түзүлүшүнө байланыштуу болуп, анын сценарийи же киного тартуу планы м-н белгиленет. К. к. фильмдин сценарийине толук туура келип, кадрдын масштабы, эпизоддун жүрүшү, декорациянын көрүнүшү ж-а үндүн угулушу бири-бирине шайкеш кел[illegible]ей талапта аткарылат. К. к. төмөнкү ы[illegible]улукта иштелет: позитив болуп тартылга[illegible]отасма ж-а фонограммалуу магнит тасма[illegible]өрүүгө даярдалат; кинотасма бөлүк-бөлүк [illegible]штырылып, белги коюлат, сүрөт м-н үн [illegible]ирине дал келтирилет. Эпизоддордун та[illegible]ып алынган дублдарынан сцена ж-а сюж[illegible]үзүлөт. Андан кийин кураштырылган эпизоддор фильмдин бүткүл сюжети б-ча ыраатуулук м-н каралып чыгат да, керектүү жазуулары жазылат. Мурда 3–5 *мм*лик магнит тасмасына жазылган үн фонограммасы бир тасмага көчүрүлүп, кинофильмдин эки тасмага (бирине сүрөт түшүрүлгөн, экинчисине үн) жазылган жумушчу нускасы түзүлөт. Ал кинотасма иштетүүчү цехке берилип, ошол б-ча негатив жасалып, андан сүрөт ж-а фонограмма бир тасмага түшүрүлгөн позитив алынат. Бул иштер киностудиянын кураштыруучу ж-а үн цехтеринде аткарылат. Телефильмдер да ушундай даярдалат.

КИНОФИ́ЛЬМДИ ҮНДӨШТҮРҮҮ – кинофильмдеги сөз, музыка ж. б. түрдүү үндөрдү жазып алуу процесси. К. ү-дө үндөр кинофильмдин сүрөтүнө дал келтирилип, фильм тартылгандан кийин ж-а тартылардан мурда жазылат. Үндү сүрөткө удаалаш дал келтирип жазуу процессинде кино тартуучу ж-а үн жазуучу аппараттар экөө тең бир электрметр аркылуу кыймылга келтирилет. Үн режимдин командасы аркылуу жазыла баштайт да, тартылуучу дублдин (пландын) баш жагына ж-а жазылуучу магнит тасмасына бир убакта белги коюлат. Мында жазылган үн актёрдун эрин кыбырашына дал келиши керек. Фильм тартылып бүткөндөн кийин үндөштүрүүдө тартылып бүткөн ж-а кураштырылган «жумушчу» позитив экранга түшүрүлөт да, аны карап турган актёрлор кыймылга жараша текстти дал келтирип сүйлөйт. Ал сөздөр магнит тасмасына жазылат. Бул метод синхрондоп сүрөткө удаалаш дал келтирип жазууга мүмкүн болбогон жерлерде колдонулат. Ушул ыкма м-н кинофильм башка тилге да которулат. Кээде кинофильмдин сөздөрү же үндөрү тартыла электе эле жазылып алынат да, кийин павильондордо ошол чыгарылган үнгө карата актёр өз ролун аткарат. Чыг-лык жактан жакшы кадрлардан фильмдин «жумушчу» позитиви түзүлөт. Магнит тасмасына жазылган фонограммалар да кураштырылат. «Жумушчу» позитив экранга көрсөтүлүп, ага дал келтирилип фонограммалары угузулат да, бардыгы бир магнит тасмасына түшүрүлөт. Кайталанып жазылгандан кийинки магнит тасмасы (магнит оригиналы) башка фотогр. тасмага көчүрүлөт. Лабор-ялык иштетүүлөрдөн кийин кинофильмдин негизги фотогр. фонограммасы алынат.

КИНОФИ́ЛЬМ ЧЫГАРУУ – тартылган кинофильмдин көчүрмөлөрүн массалык түрдө көбөйтүү процес[illegible]. Азыркы К. ч. – адабий чыглык иш ж-а тат[illegible] процесс. Ага ар түрдүү адистеги кызматке[illegible]р катышып, иск-вонун көп түрлөрү – ад-т, [illegible]ыка, живопись, арх-ра ж. б. пайдаланылат. [illegible] ч-нун технологиясы адабий сценарийди да[illegible]одон тартып, кинофильмди элге көрсөтүүгө [illegible]йинки ырааттуу ж-а бири-бирине байланыш[illegible]у чыгармачыл ж-а тех. этаптардан түзүлөт. [illegible]. ч-нун бүткүл стадиясы негизги эки мезги[illegible]е бөлүнөт: даярдык көрүү ж-а өндүрүш процесстери. Д а я р д ы к к ө р ү ү мезгилинде келечектеги фильмдин так долбоору түзүлүп, уюштуруу-чыг-лык ж-а тех. иштер жүргүзүлөт; режиссёрдук сценарий жазылат, декорациянын ж-а кийимдердин эскиздери жасалат, фильм тартууга орун ж-а ролдорду аткаруучу актёрлор тандалат; фильм тартуунун календардык планы ж-а чыгымдардын сметасы түзүлөт. Ө н д ү р ү ш мезгили фильм тартууга камылга көрүүдөн башталып, актёрлор м-н репетиция өткөрүү, керектүү декорацияларды куруу, мебелди, реквизитти, кийме чачты ж. б. даярдоо, кино тартуучу, үн жазуучу, жарык кылуучу аппаратураларды камдоо иштери жүргүзүлөт. Киного тартуу иштери – бүткүл процесстин эң жооптуу мезгили. Ал негизги үч түргө: павильондо ж-а киностудия аянтында, киноэкспедицияда тартуу ж-а айкалыштырып тартуу болуп бөлүнөт. Булардын бардыгында ар бир кадр түрдүү вариантта эки же бир нече жолу (дубль) тартылып алынат. Коюучу режиссёрдун жетекчилиги м-н кадрлардын мыктысы тандалып алынып кураштырылат. Анда фильмдин сүрөтү м-н үн жазылган фонограмма тандалып жабыштырылат да, сүрөттүн көрүнүшү м-н үндүн угулушу бири-бири м-н туура келтирилет. Кинофильм толук кураштырылып бүтүп, сүрөтү м-н фонограммасы бекилгенден кийин фильмдин негативи кураштырылат. Фильмдин негативи фильмдин көчүрмөлөрүн массалык түрдө ала турган алгачкы материал болот.

КИНОХРО́НИКА, к. *Документ кино.*

КИНША́СА– Конго Демокр. Респ-нын борбору, шаар. Конго (Заир) д-нын сол жээгинде жайгашкан. Калкы 9,2 млн (2008; өлкөдөгү эң ири шаар). Ири жолдор тоому. Дарыя порту. Матади дениз порту м-н автомобиль, т. ж. Браззавиль (Конго Респ.) м-н паром аркылуу байланышат. Эл аралык аэропорту бар. Шаардын экономикасынын негизин тейлөө чөйрөсү акырындык м-н эзлөөдө. К-да өлкөнүн ири банктарынын офистери, чет өлкөлүк банктардын



Шаардагы башкы көчө.

өкүлчүлүктөрү жайгашкан. Машина, кеме куруу ж-а ремонттоо, металл иштетүү, жыгаччылык, хим. (пластмасса, шина, самын), металл иштетүү, тамак-аш (ун, май), булгаары–бут кийим, жеңил, курулуш материалдар ө. ж. ишканалары иштейт. Кустардык кол өнөрчүлүгү (бет кеп, жыгач ж-а карапа буюмдары, пальма рафиясынан согулган буюмдарды даярдоо) өнүккөн. Шаар 1881-ж. африкалык изилдөөчү Г. Стэнли тарабынан негизделген. 1926–60-ж. чейин Леопольдвиль аталган. 1966-жылдан азыркыдай аталат. 1971–97-ж. Заирдин, 1997-жылдан Конго Демокр. Респ-нын борбору. Улуттук ун-т (эң ири китепканасы, ядро изилдөө борбору ж-а тарыхый-этногр. музейи м-н), ил. ин-ттар (а. и. география, тропик медицинасы, геология кызматы), көркөм иск-во улуттук академиясы, музей, театр, о. эле бир нече мамл. эмес ЖОЖ (а. и. Америка, протестант ж. б.) бар. Зоопарк уюштурулган. Эл аралык театр фестивалдары ж-а күндөрү өткөрүлүп турат.

КИО́ТО – Япониядагы шаар. Хонсю а-нда жайгашкан. Киото префектурасынын адм. борбору. Калкы 1,5 млн (2009). Жол тоому. К. аркылуу «Синка сен» жогорку ылдамдык т. ж-унун «Токайда – Санъё» (Токио – Фукуока) линиясы ж-а «Мейсин» (Нагоя–Нисиномия) автострадасы өтөт. Метрополитен (1981). К. 792–94-ж. курулган; 794–1192-ж. Хэйан аталган. 12-да К. аталып, 1868-ж. чейин Япониянын борбору бол-

Киотодогу тар көчөлөрдүн бири.



гон; императордун резиденциясы. 1956-жылдан шаар статусуна ээ. Салттуу көөнө көркөм кол өнөрчүлүк (лакталган ж-а коло буюмдар, фарфор, накта жибек, кооз сайма, диний буюмдар) өндүрүшүнүн борбору. К-до бир нече ири банктардын башкы кеңселери, инвестиция-кредит компаниялары ж-а япониялык ө. ж. фирмаларынын штаб-квартиралары жайгашкан. Машина куруу (а. и. текстиль өндүрүшү үчүн жабдуу, мед. ж-а так олчоочу аспаптар), түстүү металлургия, электр-тех., электроника, хим., фармацевтика, полигр., тамак-аш ө. ж. ишканалары өнүккөн. Японияда ЖОЖдун саны б-ча Токиодон кийинки 2-орунда турат. Шаарда 40ка жакын ун-т (а. и. мамл. эместери да бар) ж-а колледж, 30дан ашык музей (а. и. улуттук, заманбап иск-во галереясы), театрлар бар. О. эле 200дөн ашык синтоист чиркөөлөрү ж-а 1500дөн ашык будда храмдары сакталган. Камигамодзиндзя (11-к.), Симогамодзиндзя (Камомиоя, 7-к.) храм комплекси, Тодзи храмы (8–12-к.), Сайходзи, Тенрюдзи (экөө тең 14-к.), Кинкакудзи («Алтын храм», 14-к.), Гинкакудзи («Күмүш храм», 15-к-дын аягы) ж. б. храмдар, Ндзёдзё ак сарай комплекси (16–17-к.) ж-а К-га жакын жерде жайгашкан Дайгодзи (874-ж.) Самбони (1115-ж.) монастырлары, Бёдоин будда монастыры (1000-ж. ченде ак сарай катары негизделген; 1052-жылдан монастырь; башкы имараты – «Феникс залы») *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. Туризмдин маанилүү борбору (жылына 42 млндон ашык, анын 11 млну түнөп кетет, 2002). Жыл сайын театр фестивалдары откорулуп турат.

КИПАРИ́С – (Cupressus) – кипаристер тукумунун дайыма жашыл бадал же даректар уруусу. Жалбырагы майда, түрпүдөй, оркүнө жабышып өсөт, чайырлуу бездери бар, жашыл же когүш түстө. Тобурчагы тоголок, жыгачтуу, көп кырлуу калкан сымал түрпүлөрү бышканда бир аз ачылат. Уругу жалпак, канатчалуу. К. кооз бак катары аллея жана токойлорго отургузулат. Айрыкча пирамида сымал түрчөсү көп остүрүлөт. Уругу жана калемчеси, кыйыштыруу менен көбөйөт. К-тин 15–20дай түрү белгилүү. Евразия, Түн. Африка жана Түн. Американын мелүүн, жылуу алкактарында кездешет. КМШ өлкөлөрүндө 11 түрү, Крымда, Кавказдын кара деңиз жээктеринде, О. Азиянын айрым райондорунда өсөт, дайым жашыл. К. бат өсөт, кургакчылыкка байымдуу. Анын бийикт. 30 *м*ге, жоондугу 60 *см*ге жетип, 200 ж. чейин өсөт (Крымда 100 ж. чейин). Жыгачы жеңил, жумшак, буюм жасоодо пайдаланылат.



КИ́ПЛИНГ Жозеф Редьярд (30. 12. 1865, Бомбей – 18. 1. 1936, Лондон) англ. жазуучу, журналист. Нобель сыйл. лауреаты (1907). 1882–89-ж. Индияда жашаган. Анын атагын «Казарма ырлары» (1892), «Деңиз деңиз» (1896), «Беш улут» (1903) деген ырлар жыйнактары чыгарган. К. – «Жарык өчкөн» (1890), «Ким» (1901) романдарынын, Маугли жөнүндөгү кыйбандар арасындагы турмушу ж-до антеги ырлар («Жангел китеби», 1894; «Жангелдин экинчи китеби», 1895) автору. Ал элдик балладаларга жакын ырларды жазган. Айрым чыгармалары кыргыз тилине которулган.

Чыг.: Рассказы. Стихи. Сказки. М., 1989.

КИПР, К и п р Р е с п у б л и к а с ы – Батыш Азиядагы мамлекет; Кипр а-нда, Жер Ортолук деңиздин түн.-чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. Аянты 9251 *км*². Калкы 1099,4 мин (2008). Борбору – Никосия. Расмий тилдери – грек ж-а түрк тилдери. Акча бирдиги – евро. Адм.-айм. жактан 6 округга (епархийге) бөлүнөт.

Административдик-аймактык бөлүнүшү (2005)

Округ (епархия)	Аянты, *км*²	Калкы, мин	Адм. борбору
Кириния	640	230,6	Кириния
Ларнака	1,129	130,1	Ларнака
Лимасол	1,396	223,6	Лимасол
Никосия	2,714	307,1	Никосия
Пафос	1,393	74,9	Пафос
Фамагуста	1,979	43,0	Фамагуста

К-дин аймагынын 36% ке жакын аянтын (а. и. Кириния округу, о. эле Фамагуста округунун бир аз бөлүгү кошо) Түркия ээлеп алган (к. *Түндүк Кипр Түрк Республикасы;* ТКТР); анын





аймагында 280,2 мин калк жашайт. Борбору – Никосия (шаардын түрктөр жашаган бөлүгүнүн калкы 52 мин). Расмий тили – түрк тили; акча бирдиги – түрк лирасы. ТКТР адм. жактан 5 округга бөлүнөт. Аймагынын 2,7% аянтын Британиянын аскер базасы ээлейт.

К. – БУУнун (1960), Шериктештиктин (1961), ЭВФтин (1961), Эл аралык реконструкция ж-а өнүгүү банкынын (1961), Европа Советинин (1961), Европа коопсуздугу ж-а кызматташтык уюмдун (1973), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун (1995), Европа союзунун (2004) мүчөсү.

Мамлекеттик түзүлүшү. К. – де-юре унитардык мамлекет. К-дин конституциясы 1960-ж. 16-августа кабыл алынган. Башкаруу формасы – президенттик респ. Мамлекет ж-а өкмөт башчысы – президент (35 жаштан жогору К. жараны президенттикке кандидатурасын коюуга укуктуу). Конституция б-ча президенти – киприк грек, вице-президенти – киприк түрк болуу керек. Жалпы жашыруун добуш м-н 5 жылга шайланат). Мыйзам чыгаруучу бийликтин жогорку органы – бир палаталуу парламент (Өкүлдөр палатасы). 80 депутаттан турат (56 депутаты – киприк грек, 24 орунга киприк түрк). К. Респ-нда көп партиялуу система орун алган. Негизги саясий партиялары: К. эмгекчи элинин прогрессчил партиясы, Демокр. чогулуш, Демокр. партия, Соц. партия.

Табияты. Жээги негизинен түзөң, түндүгүндө аскалуу ж-а тик. Тоолуу рельеф басымдуу. Түндүгүн жээктей дээрлик 150 *км* аралыкка Кириния кырка тоосу (бийикт. 1024 *м*ге чейин) ж-а жапыз (383 *м*ге чейин) Карпас тоо массивдери созулуп жатат. К-дин борб. ж-а түш. бөлүктөрү тармактанган Троодос тоо массиви эөлейт; анын бийикт. 1951 *м* (Олимбос чокусу – К-дин эң бийик жери). Троодос массивин түндүктөгү тоолордон дөңсөөлүү Месаория түздүгү (деңиз деңг. 200 *м* бийикте) бөлүп турат. Түздүктө акиташ тектүү платолор кездешет, чыгышын жантайыңкы аллювий түздүгү түзөт. Аралды жээктей кууш түздүктор созулуп жатат. К. аралы тектон. жактан кайнозойдогу Альп–Гималай кыймылдуу алкагынын бир тармагы болгон – Динара-Зонд зонасында жатат. Негизги кен байлыктары: жез кенташы, чопо (бентонит ж. б.), цементтик акиташ теги ж-а мергель, гипс, пирит, перлит, мрамор, курулуш материалдары (таш, шагыл ж. б.).



Кириния тоосу.

Аймакка субтропиктик жер ортолук деңиздик климат мүнөздүү; жайы ысык, кургакчыл, июлдун орт. темп-расы 25–35°С, кышы жумшак, салыштырмалуу жаанчыл, январдыкы 10–12°С, тоолордо абанын темп-расы –7°Сге чейин төмөндөшү мүмкүн. Жаан-чачындын жылдык орт. өлчөмү Месаория түздүгүндө 300–400 *мм*ден Троодос тоолорунда 1000–1100 *мм*ге чейин. Кургакчыл мезгилдери да болот. Тоо капталдарында 1000 *м* бийиктен жогору кар жаайт, Троодос тоолорунун түн. капталдарында кар катмары пайда болуп, ал 4 айга чейин жатат. Агын суулары көбү негизинен жамгыр суулары менен куралып, Троодос тоосунун капталдарынан башталат. Дарыя нуктары кышкы жамгырдан кийин гана суугa толуп, жайында бардык агын суулары соолуп калат. Кышында ж-а жазында суусу ташкындайт. Жыл сайын калыбына келүүчү суу ресурстары чектелүү (1 *км*³ чамасында), ар бир адамдын суу м-н камсыз болуусу жылына 900 *м*³ден ашык. Жыл сайын 200 млн *м*³ден ашык суу пайдаланылат, анын 74%и а. ч-нда (негизинен сугатка), 23,7%и коммуналык-тиричиликте, 2,3%и ө. ж. ишканаларында керектелет.

Тоо капталдарында мелкозёму аз таштак топурак пайда болот. Тоо этектеринде ж-а түздүктөрдө күрөң, кургакчыл түздүктөрдө бозомук-күрөң топурактар өрчүгөн. Мурда аралдын басымдуу бөлүгү токой м-н капталып, «жашыл арал» аталчу. 21-к-дын башында токой тоолордо гана сакталып, өлкөнүн аймагынын 19% аянтын ээлеп калган. 2,5 мин *га* жерге токой көчөттөрү (эвкалипт, ак акация) отургузулган. Жапыз тоолордо эмен, ак чечек, кожогат дарагы ж. б. өскөн жазы жалбыктуу токой массивдери кездешет. 900–1000 *м* бийиктен жогору ийне жалбыктуу субтропиктик токой басымдуу; алар алеп ж-а троодос кызыл карагайы, кедр (бал карагай), кипарис, арча. Тоо ороондорунда олеандр, тамариск өсөт. Түздүктөрдө ж-а 500 *м* бийиктикке чейинки тоо этектеринде экинчи жолку дайыма жашыл даректар ж-а бадалдар (жыгач мисте, ладанник, арчалуу маквистер) таралган. Зор аянтты тимьян, розмарин, көк шимүүр, лавандадан турган гарига формациясы ээлейт. Кириния кырка тоосунун, Карпас тоосунун кургакчыл түш. капталдарында, о. эле Масаория түздүгүндө катуу чөптүү талаалашкан өсүмдүктөр таралган. Күрдүү топурактуу ороондорүнүн ж-а тоо этектеринин басымдуу бөлүгүн дан эгиндери, цитрус ж-а зайтун даректарынын плантациялары, доболордун атайын тектирленген капталдарын, Троодос тоосунун этектерин жүзүм, зайтун ж-а мүйүз дарак плантациялары ээлейт. Өсүмдүктөрүнө мүйүздүү майда жандыктар көп зыян келтирет. Аралдын түн. бөлүгүндө токойго эчки жаюуга тыюу салынган.

Коргоого алынган табигый аймактар олконун аймагынын 8,3% аянтын ээлейт; алар негизинен токой парктары (Троодос, Афаласа) ж-а анчылык резерваттары. Коргоого алынган деңиз акваториясынын аянты 2,27 мин *га*. Туздуу Ларнака көлү эл аралык маанидеги суу-саз жерине киргизилген.

Калкы. К-дин негизги калкын өлкөнүн түштүгүндө жашаган кипрлик гректер (66,9%) ж-а түн. бөлүгүндө жашаган кипрлик түрктөр (21,8%) түзөт. Алардан башка англистер ж-а шотланддар (7,2%), арабдар (2,8%) жашайт. Калктын табигый өсүүсү 0,52% (2008). Төрөлүүнүн саны кыскарууда (2008-ж. 1000 адамга 12,6 бала; 1996-ж. 15,4 бала болгон), ал эми өлүм-житим 20-к-дын аягынан туруктуу (7,8 адам). Курактык структурасында 65 жаштан ашкандардын саны өсүүдө (2008-ж. 12%, 1996-ж. 11%), ал эми 14 жашка чейинки балдардын саны кыскарууда (2008-ж. 19,5%, 1996-ж. 25%); эмгекке жарамдуу курактагылар (15–64 жаштагылар) 68,5% (1996-ж. 64% болгон). Калкынын орт. курагы 35,3 жыл (2008), күтүлгөн орт. узактыгы 78,3 жыл (эркектердики 75,8, аялдардыкы 80,7 жыл). Эркектер м-н аялдардын саны тең чамалаш. Калкынын орт. жыштыгы: 1 *км*² жерге 118,9 адам. Шаар калкы 69,7% (2006). Ири шаарлары (2008): Никосия (калкы 213,0 миң), Лимасол (166,6 миң), Ларнака (52,3 миң), Пафос (40,9 миң). Калктын көпчүлүгү (80% ке жакыны) православный христиандар, 19% и бир аз башка диндегилер бар.

Тарыхы. К-ди адамдар неолит доорунан мекендей баштаган. Жез кендерине бай ж-а геогр. абалы ыңгайлуу болгондуктан, К-ликтер коло доорунда кошуна мамлекеттер ж-а элдер м-н соода, маданий байланыштарын өнүктүргөн. Соңку коло доорунда К-де эгей мад-тынын таасиринде таптык коом калыптана баштап, кипр-миной жазуусу түзүлгөн. Бул процесс ахей ж. б. басып алуучулардын басып киришин тездеткен. Б. з. ч. 9-к-да аралда финикийликтердин колониясы пайда болгон. Б. з. ч. 8-к-дын аягында К-ди Ассирия, 560-жылдары египет фараону Яхмос II, 6-к-дын ортосунда Ахемениддер басып алган. 333–323-ж. Александр Македонскийдин мамлекетинин курамына кирген. 294-жылдан египеттик Птолемейлер мамлекетинин провинцияларынын бири болгон. Б. з. ч. 58-ж. К-ди Рим караткан. Б. з. 330-жылдан Византия империясынын бийлигинин [illegible]йип, 1-к-дын ортосунда Апостолдук [illegible]ркөөсү уюшулган. 647-ж. К-ди арабдар, [illegible] кайрадан Византия, 1191-ж. кресттүүлөр (*Кресттүүлөр жортуулдары*) басып алып, [illegible]-ж. аралда фр. Лузиньяндар династиясынын өкүлдөрү башкарган Кипр королдугу түзүлгөн. 1489–1570-ж. Венеция, 1571–1878-ж. Осмон империясы, 1878–1959-ж. Улуу Британия үстөмдүк кылган. 1878-ж. 4-июнда Улуу Британия м-н Түркия «коргонуу уюму жөнүндө» жашыруун келишим түзүп, К-ге британиялык аскерлер жайгашкан. Бийлик британиялык министрлердин колуна өтүп, соттук-адм. реформалар жүргүзүлүп, жогорку сот ж-а жерг. өзүн өзү башкаруу органдары – Мыйзам чыгаруучу ж-а Аткаруучу кеңештери шайланып, 1882-ж. конституция кабыл алынган. 1925-ж. К. британиялык колония статусуна ээ болгон. 19-к-дын аягында колониялык эзүүгө каршы кипрлик гректердин улуттук-боштондук кыймылы күч алып, алар Грекияга кошулууну талап кылышкан. 1931-ж. гректердин көтөрүлүшүнөн улам, британиялык бийлик конституциянын ишин токтотуп, жерг. өзүн өзү башкаруу уюмдарын таркаткан. 1954–58-жылдары Кипр маселеси БУУнун Генералдык Ассамблеясында бир нече жолу талкууланган. 1959-ж. февралда Цюрихте Грекия м-н Түркия, Лондондо Улуу Британия, Түркия ж-а Грекия (грек ж-а түрк жамааттарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда) К-дин өз алдынча мамлекет болушу ж-дө келишимге кол койгон. 1960-ж. 16-августта К. көз карандысыз респ. деп жарыяланып, БУУга мүчө болгон. К-дин президенттигине архиепископ Макариос III, вице-президенттигине Ф. Кучук шайланган. 1960-ж. жаңы иштелип чыккан конституциянын долбоору б-ча грек ж-а түрк жамааттары мамлекетти башкарууда бирдей укукка ээ болгон. 1963-ж. грек жамааты конституцияны кайра карап чыгуу, мамлекетти борбордоштуруу талабын коюшуп, ага кипрлик түрктөр каршы чыккан. Конституциялык кризис куралдуу тирешүүгө алып келип, Улуу Британия, Түркия ж-а Грекия К-ге аскерлерин киргизген. БУУнун Коопсуздук Кенешинин 1964-ж. марттагы резолюциясына ылайык тынчтыкты сактоо үчүн К-ге БУУнун аскер күчтөрү киргизилген. 1974-ж. 15-июлда К. республикасы Грекияга таянып, Макариос IIIнүн өлкөтүнө каршы куралдуу козголоң чыгарган. Бийлик түрктөрдүн кызыкчылыгын жактоону [illegible]лтоолоп, 1974-ж. 20-июлда К-ге түшүрүлгөн түрк аскери өлкөнүн түн. бөлүгүнүн 40%-ын басып алган (200 миң жерг. грек өлкөдөн куулган). 1975-ж. 1-февралда түрк жамаатынын жетекчилиги түрктөр көзөмөлдөгөн аймакта Р. Денкташ башында турган К. Түрк федерациялык мамлекетин жарыялаган. К-ге Түркиядан 50 миңдей киши көчүп келген. 1975-ж. Грекия м-н Түркиянын ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде К. демаркациялык линия б-ча экиге бөлүнгөн. Грек м-н түрк аймактарынын ортосунда буфердик зона түзүлүп, БУУнун куралдуу күчтөрү көзөмөлдөгөн. Грекиядагы аскердик хунта кулагандан кийин 1974-ж. Макариос III президенттик милдетин аткарууга киришкен. 1977-ж. февралда Макариос III м-н Р. Денкташтын ортосундагы сүйлөшүүлөрдө К-де федерациялык респ. түзүү ж-дө макулдашууга жетишилген. Бирок Макариос III өлгөндөн кийин анын мураскери Киприану м-н Денкташтын ортосундагы пикир келишпестиктен, бул маселе ишке ашкан эмес. 1983-ж. 15-ноябрда Түн. Кипр Түрк Респ-нын (ТКТР) түзүлгөндүгү расмий түрдө жарыяланган. Аны Түркиядан башка дүйнөдө бир дагы мамлекет тааныган эмес. БУУнун Коопсуздук Кенешинин 1983-ж. 18-ноябрдагы резолюциясы ТКТРдин мыйзамсыз түзүлгөндүгүн билдирген. 2004-ж. К. респ. Европа Союзуна, 2008-ж. евро аймагына кирген. 2008-ж. президенттикке Д. Христофиас шайланган.

КИПР



Чарбасы. 1974-жылдан К-дин чарбалык комплекси экиге – грек. (К. Респ.) ж-а түрк. (ТКТР) секторлоруна бөлүнөт. К. Респ. өнүккөн чакан мамлекеттердин курамына кирет. ИДПнин көлөмү 21,4 млрд доллар, аны киши башына бөлүштүргөндө 27,4 миң доллардан туура келет. ТКТРдин ИДПсинин көлөмү 1,9 млрд доллар, аны киши башына бөлүштүргөндө 11,8 миң доллардан туура келет; Түркия жыл сайын ТКТРге берген жардамы орто эсеп м-н 400 млн долларды түзөт (ал ТКТРдин бюжетинин $^1/_3$ бөлүгү). Адамзат өнүгүүсүнүн индекси 0,903 (2005; дүйнөдөгү 177 өлкөнүн ичинен 28-орунду ээлейт). Экономикасынын структурасы постиндустриялуу өлкөлөр үчүн мүнөздүү: ИДПнин 78% и тейлөө чөйрөсүнөн, 19,2% и ө. ж-нан, 2,8% и а. ч-нан түзүлөт (2007). 21-к-дын башында макроэкон. саясатынын, монополиясыздаштыруунун, энергетикалык секторду модернизациялоонун, адистерди даярдоонун жогорку деңгээлинин (25–29 жаштагы калктын 44,4% и жогорку билимдүү; Европа союзуна кирген өлкөлөрдүн орт. деңгээли 28%) ж. б. чаралардын натыйжасында бир топ ийгиликтерге жетишти. ИДПнин накта өсүшү 2007-ж. 4,4% ти түздү.

Ө. ж. продукциясынын жалпы наркы 3,2 млрд евродон ашык (2006). Чакан ж-а орто чоңдуктагы ишканалар басымдуу. Ири өндүрүштөрдүн басымдуу бөлүгү борб. агломерацияда ж-а Лимасолдо топтолгон. Ө. ж-нын негизги тармактары: тамак-аш, металлургия, химия, полиграфия, жеңил (а. и. текстиль, булгаары-бут кийим), минералдык сырьёлор ж-а курулуш материалдар өндүрүшү. Отун-энергетикалык баланстын 89% и нефтиге ж-а нефть продуктуларына, 7,5% и көмүргө, 3,5% и энергиянын альтернативалык булактарына таандык (2004). Энергияны негизги керектөөчүлөр: транспорт (54%) ж-а ө. ж. (20%). Отун-энергетикага болгон муктаждык толугу м-н импорттун эсебинен канааттандырылат. Гелиоэнергетика тез өнүгүүдө (К-де жылдын 340 күнү күнөстүү); күн батереясынын ар бир адамга туура келген аянты (0,86 *м*²) б-ча К. дүйнөдө алдыңкы орундардын бирин ээлейт: турак жайдын 96% ке жакыны, отелдердин 53% и күн батереясы м-н жабдылган. Шамал энергия курулмасынын аныкталган кубаттуулугу 58 *МВт*; май өсүмдүктөрүнүн биомассасынын негизинде өндүрүлгөн биоотун 7,5 миң тдан ашык (2006). Электр станцияларынын аныкталган кубаттуулугу 988 *МВт*. 2005-ж. 4,6 млрд *кВт·с* электр энергиясы өндүрүлүп, анын 4,1 млрд *кВт·с* өлкө ичинде пайдаланылган (ТКТРде бул көрсөткүчтөр 998 млн *кВт·с* ж-а 797,9 млн *кВт·с* түзөт). Үч ЖЭС иштейт. Металлургия ж-а металл иштетүү импорттук сырьё м-н иштеп, болот ж-а алюминий продукцияларын даярдайт. Машина куруу ө. ж. ички рынокко багытталган; негизги продукциялары: электр ж-а күн суу жылыткычтары, о. эле электр-тех. жабдуулар (трансформатор, электр мотору, генератор, электр өткөргүч ж-а кабель, телевизор антеннасы ж. б.), желдеткич техникасы, тоо кен ө. ж., а. ч., соода, полиграфия ө. ж. үчүн жабдуулар ж. б. Химия ө. ж. негизинен жер семирткич, пестицид, лак, боёк, о. эле мал багуу үчүн атайын каражаттарды, ө. ж. химикаттарын, тазалоочу ж-а кир жуучу, парфюмерия-косметика каражаттарын чыгарат. Целлюлоза-кагаз, полиграфия ө. ж-нын ж-а басма ишинин негизги борбору – Никосия. Текстиль ө. ж-нын туруктуу өнүккөн тармактары – трикотаж ж-а тигүү өндүрүштөрү; булгаары ө. ж. сумка, чемодан, бут кийим чыгарууга адистешкен. Тамак-аш ө. ж. К. индустриясында маанилүү орунду ээлейт. Анда эт ж-а сүт продукцияларын, жашылча ж-а мөмө-жемиш консер-

валарын, ун ж-а нан-булочка азыктарын, өсүмдүк майын, туз, балык ж-а деңиз продукцияларын, мал чарбасы үчүн тоют чыгаруу басымдуулук кылат. Шарап жасоо эзелтен өнүккөн; К. шарап чыгаруу б-ча дүйнөдө 37-орунду ээлейт.

Агр. продукциянын наркы 635,1 млн евро (2005). Жайы ысык ж-а кургакчыл болгондуктан, дыйканчылыгы сугатты талап кылат. А. ч-га жарактуу жеринин аянты 202,4 миң *га*; анын айдалганы 144,3 миң *га*; кысыр аңыз 20,5 миң *га*, жайыт 0,4 миң *га*, иштетилбеген жер 33,6 миң *га*, каралбаган ж-а чөлдөшкөн жер 3,6 миң *га* (2005). А. ч-нын башкы тармагы – өсүмдүк өстүрүүчүлүк. Анын ичинен эң өнүккөнү – жүзүмчүлүк ж-а цитрус өстүрүү. Жүзүм өлкөнүн басымдуу бөлүгүндө тоо капталдарында, негизинен майда чарбалар тарабынан өстүрүлөт (2005-ж. 80,9 миң *т* жыйналган). Аралдын түш.-батыш бөлүгү – жүзүмчүлүктүн негизги мекени. К-де жүзүмдүн жогорку сапаттуу эндемиялык 15ке жакын сорту (негизгиси Мавро сорту) ж-а 60ка жакын европ. сорту өстүрүлөт. Жүзүмдүн басымдуу бөлүгү шарап үчүн пайдаланылат. Шарапты негизинен Германия ж-а Швецияга экспорттойт. Цитрус өсүмдүктөрүнүн плантациялары негизинен Лимасол ж-а Пафос региондорунда жайгашкан. Жалпы жыйымы 142 миң *т* (2005); алар: танжерин, мандарин, клементина, сатсума, апельсин, грейпфрут, помело, лимон, лайма; негизинен Улуу Британияга экспорттойт. Картошкөнүн да экспорттук мааниси зор, аны негизинен Улуу Британия, Германия, Бельгияга сатат. Ички керектөөгө арпа, дарбыз, помидор, бадыраң, алма, буудай, банан, пияз, капуста, шабдаалы, нектарин, анжир, ашкабак, маш буурчак, сулу ж. б. өстүрүлөт. Мал чарбасы негизинен ички рынокко багытталган, көбүнчө тоолуу аймактарга мүнөздүү. 2005-ж. 429,7 миң чочко, 329,3 миң эчки, 268,9 миң кой, 57,8 миң кара мал, 2,8 млн үй кушу асыралган. Балык ж-а деңиз продуктуларын негизинен сырттан сатып алат.

Тейлөө чөйрөсү өлкөнүн экономикасындагы ири ж-а туруктуу өнүккөн сектор (ИДПнин 78%и). Эң маанилүү секторлору: финансылык тейлөө (кыймылсыз мүлк м-н операцияны кошо; ИДПнин 17%и), дүң ж-а чекене соода



Айя-Напа курорту.

(11,2%), туризм, мейманкана бизнеси ж-а коомдук тамактануу (9,8%), мамл. башкаруу ж-а коргонуу (8,8%), транспорт (8,5%), курулуш (7,5%).

К-дин кредиттик мекемелер системасы Борб. банкты, коммерциялык банктарды, чет өлкөлүк банктардын 27 филиалын камтыйт. К. фонд биржасы 1996-ж. уюшулган. 500гө жакын офшордук компания иштейт, көбү дүң ж-а чекене соода, кыймылсыз мүлк операциясы чөйрөлөрүндө аракеттенет. Туристтик индустрия – К-дин экономикасынын маанилүү тармактарынын бири. 2007-ж. туризмден түшкөн киреше 1,8 млрд еврону түзгөн; жыл сайын туристтик инфраструктураны өнүктүрүү үчүн 20 млн евро бөлүнөт. Жыл сайын К-ге 20 млндон ашык турист келет, алардын 90%и – европалыктар. Туристтик негизги зоналары – Пафос, Айя-Напа, Паралимни, Лимасол, Ларнаки, Никосия регондору. К-де 900дөн ашык туристтик мекеме иштейт (2006); алар: түрдүү класстагы мейманканалар, туристтик айылдар, кемпингдер, мотелдер, отелдер ж. б. Жайкы дарылоо-дем соолукту чыңдоо (пляждык) туризми басымдуулук кылат. Спорттук-оюн-зоок туризми – яхтинг, дайвинг, гольф тез өнүгүүдө; Европадагы ири аквопарктардын бири К-де жайгашкан. О. эле агротуризм, көптөгөн арх-ралык-тарыхый эстеликтер туристтерди өзүнө тартат.

Автомобиль жолунун уз. 14 630 *км*, анын 1340 *км*и ТКТРге таандык. Жогорку ылдамдык автомагистралдарынын уз. 257 *км* (эң маанилүү магистралы – Никосия–Лимасол, уз. 82 *км*).

Кипрдин акчасы – евро.





К-де 16 аэропорт бар; эл аралык аэропорттору Ларнак м-н Пафосто жайгашкан. Негизги деңиз порту – Василико. Деңиз флотунда 857 кеме бар; башка өлкөлөрдүн желеги м-н 139 кеме жүрөт. К-де офшордук кеме регистри (К-дин желеги м-н деңиз кемелери каттайт) иштейт: өлкөнүн соода флотуна чет өлкөлүк 705 кеме катталган.

Товардык экспорттун наркы 1,5 млрд доллар, импорттуку 7,8 млрд доллар (2007). Товардык экспорт наркынын 80%тен ашыгын а. ч. продуктулары (картошко, цитрус, жүзүм ж. б.) түзөт, башка товарлардан сыртка шарап, фармацевтика дарылармектери, цемент, текстиль экспорттолот. Негизги сырткы соода шериктери: Грекия, Улуу Британия, Германия. Нефть продуктуларын, машина ж-а жабдууларды, зарыл товарларды Грекия, Италия, Улуу Британия, Германия, Израиль, Франция, Нидерландан сатып алат. ТКТРдин товардык экспортунун наркы 68,1 млн доллар, импортунуку 1,2 млрд доллар (2007). ТКТРдин негизги сырткы соода шериги – Түркия (ага экспорт наркынын 40%тен ашыгы, импорт наркынын 60%и туура келет). Экспортунда а. ч. продукциялары (цитрус, картошко, курма) ж-а текстиль басымдуулук кылат. Түркиядан машина ж-а жабдуу, автомобиль, сырьё, отун, химикат, азык-түлүк, сигарета алат. Соода тенкыстыгы негизинен туризмден, чет элдик студенттерди окутуудан, чет өлкөлүк инвестициядан ж. б-дан толукталат.

Маданияты. К-дин билим берүүсүн Билим берүү ж-а мад-т министрлиги жетектейт. Билим берүү системасы мектепке чейинки (3 жаштан 5 жашка чейин мамл., коомдук ж-а менчик бала бакчалар), 6 жылдык башталгыч орто, толук эмес (3 жылдык гимназия) ж-а толук (3 жылдык лицей, тех. же кесиптик мектеп) орто билимди камтыйт. Башталгыч ж-а толук эмес орто билим берүү акысыз ж-а милдеттүү. Англис, француз, италян, армян, араб тилдеринде окутуучу мамл. эмес, о. эле амер. ж-а британиялык окуу программалары б-ча окутуучу мектептер бар. Адистик м-н катар бакалавр даражасын бере турган 3 типтеги ун-т эмес ЖОЖдор (коллеждер, ин-ттар ж-а мектептер) бар. Калктын сабаттуулугу 15 жаштан жогору 99%ти түзөт (2005). Мамл. ун-ттери: Фамагуст Чыгыш Жер Ортолук деңиз (1979), Никосиядагы Кипр (1989), Орто чыгыш тех. ун-тинин (Анкара) филиалы (2005), мамл. эмес ун-ттери: Никосиядагы Европа (1961), Фредерик технол. ж. б. Ил. мекемелери: К. изилдөө коому (1936), А. ч. изилдөө ин-ту (1962), Изилдөө борбору (1967), Кипр-америка археол. изилдөө ин-ту (1978), Кипр нейрология ж-а генетика ин-ту (1990) ж. б. Никосияда К. китепканасы (1987), Мамл. архив (1978) жайгашкан. Фамагуста, Лимасол ж. б. ш-нда муниципалдык китепканалар, ЖОЖдордун китепканалары бар. Музейлери: Кипр (1982), элдик иск-во (1937), Византия музей ж-а иск-во галереясы (1978), улуттук каршылык көрсөтүү музейи (1989), К. мамл. заманбап иск-во галереясы (1990) ж. б. (баары Никосияда.) Ларнакта археол. зергердик өнөр, Лимасолдо археол. музей (1948) ж. б. бар.

1955-жылдан грек, англис, түрк тилдеринде гезиттер чыгат. 1953-ж. радио уктуруу, 1957-ж. телекөрсөтүү иштей баштаган. Телекөрсөтүүлөрдү ж-а радио уктурууларды «Cyprus Broad casting Corporation» (CYBC, 1953-жылдан) ж-а «Bayrak Radio Television Corporation» (BRT, 1963-жылдан) ишке ашырат. Маалымат агенттиги – Cyprus News Agency (CNA, 1976).

К. элинин ад-ты грек, түрк тилдеринде, о. эле грек тилинин К. диалектинде өнүккөн. Антикалык коомдо К-де (грек тилинде) жерг. эпос жаралган; Троя согушу ж-дө поэмадан «Кипр баяндары» үзүндүсү сакталып калган. Гомердик гимндер деп аталган «Афродита гимни» К-де пайда болгон деп болжолдонот. Б. з. 4–6-к-да К. христиан ад-тынын (Епифаний Кипрлик, Кирилл Пафский ж. б.) борборуна айланган. 10-к-да «Дигенис Акрит» эпосунун кипр варианты түзүлгөн. 12-к-да элдик поэзия өнүккөн. 14–16-к-да француз поэзиясынын таасириндеги сүйүү лирикасы («Ародафнуса» элдик поэмасы), 15–16-к-да тарыхый хроника жанры кеңири тараган. Түрктөр каратып алган мезгилде К-де элдик оозеки чыг-лык өнүккөн. 17-к-да жазуучу, архиепископ Илларион (Матфей) Кигаластын чыгармалары, 19-к-да В. Михаилидистин ырлары белгилүү болгон. 19-к-дын 2-жарымында романтизм, 1900-жылдары поэзияда авангардизм пайда болгон. Кипр диалектинде салттуу поэзияны Д. Липертис, П. Лиасидис ж. б. акындар улантышкан. 20-к-дын ортосунда прозадагы негизги жанр новелла (А. Индианос, П. Ионнидис), 1950–60-жылдары роман болгон. 20-к-дын 2-жарымынан К. поэзиясы м-н прозасынын өнүгүшү М. Кралис, Э. Пеониду, М. Пиерис ж. б. акын-жазуучулардын чыг-лыктары м-н байланыштуу. 20-к-дын аягындагы прозаик, акын ж-а драматург – К. Монтис. 19-к-дын аягынан түрк тилиндеги ад-т өнүгө баштаган. 20-к-да поэзия (Х. Х. Эфенди, М. Раджи ж. б.), драматургия (Ф. Коркут, Ю. Улутуг ж. б.), проза (О. Яшин, Х. Маполар ж. б.) өнүккөн. О. Туркайдын лирикасы кеңири белгилүү болгон.

Байыркы К-дин көркөм мад-ты Египет, Алдыңкы Азия мамлекеттери (өзгөчө Финикия), Грекия ж-а эгей дүйнөсүнүн иск-восу м-н тыгыз байланышта. Б. з. ч. 7–6 ж-а 4–3-мин жылдыктарга таандык тегерек курулган турак жайлардын (Хирокития, Калавасос-Тента; Эрими, Кисонерга-Мосфилия) калдыктарынан таш, сөөк эмгек куралдары табылган. Б. з. ч. 3–2-миң жылдыктарда карапа буюмдарын жасоо өно-

рү жакшы өнүккөн. Коло доорунда (б. з. ч. 16–13-к.) турак жайлар ж-а шаарлар пайда болгон. Б. з. ч. 14–13-к-да кипр-микен иск-восу, б. з. ч. 11-к-дын ортосунан – 8-к-дын ортосуна чейин киприлик-геом. стиль өнүгүп, б. з. ч. 8-к-дын ортосунан – б. з. ч. 475-ж. кипр-архаикалык доорунда Байыркы Египет, Ассирия, Персиянын көркөм салттарынын таасири күчөгөн. К. мад-ты кипр-классикалык (б. з. ч. 475-ж. чен. – 323), кипр-эллиндик (б. з. ч. 323 – 31-ж. чен.), кипр-рим (б. з. ч. 31-ж. чен. – б. з. 330-ж. чен.) доорлорунда өз алдынчалыгын жоготуп, классикалык грек, эллин ж-а рим иск-восунун формаларында өнүккөн. Бул доордон көптөгөн эстеликтер сакталган. Арабдар басып алгандан кийин жаңы типтеги арх-ралык курулуштар (кумпалуу чиркөөлөр ж. б.), византиялык доордо (965–1191) Бүткүл дүйнөлүк мурастын тизмесине киргизилген Троодос тоосундагы оймо-чиймеленген, жазуусу бар чиркөөлөр пайда болгон. Түрктөр бийлеген доордо түрк архрасындагы мечиттер (Никосиядагы Араб-Ахмет-пашанын, Ашаги-Лаптадагы Хажи-Эмирдин, Фамагусте медресеси ж. б.), 20-к-дын башталышында неоклассицизм стилиндеги курулуштар (Никосиядагы Кипр археол. музейи ж. б.) курулган.

К. муз. мад-тынын негизин грек салттуу музыкасы түзөт. Композитордук музыканын ж-а муз. илимдин негиздөөчүсү – С. Михаилидис. Ал «Байыркы Грекия музыкасы» энциклопедиясын (1978, англис тилинде) түзгөн, Киприлик гректердин элдик музыкасын изилдеген. «Навзикая» балетинин (1950), «Киприликтин үйлөнүү тою» (1935), «Византиялык тартуу» (1944) ж. б. хор ж-а симф. чыгармалардын автору. 1977-ж. Киприлик комп. жазган биринчи опера (М. Хажилойзу, «Эркиндик») Ларнакта көрүүчүлөргө тартууланган. 1971-ж. Никосия муз. коому негизделген. К. радио уктуруусунун ж-а телекөрсөтүүсүнүн симф. (1968), «Лефкосия» филармониялык оркестрлери иштейт. Негизги муз. окуу жайы – Никосиядагы К. муз. академиясы (1956; анын алдында Жаз муз. мектеби бар). Академиялык ж-а жаз музыкасынын «Кипрдин музыка күндөрү» эл аралык (1997-жылдан), «Киприя» иск-во (1990-жылдан), Никосия ж-а Лимасолдо иск-во фестивалдары жыл сайын өткөрүлөт.

Ад.: Сокровища Кипра. Древнее искусство. Искусство средних веков. М. 1976; *Иванова И. И.* Республика Кипр. М., 1992; Кипр // Большая Российская энциклопедия. Т. 13. М., 2009.

Ө. Бараталиев, Ш. Керимова.

КИПР ДЕҢИЗИ – *Жер ортолук деңиздин* чыгыш бөлүгү айрым учурда ушундай аталат.

КИПРЕ́НСКИЙ Орест Адамович [13 (24). 3. 1782, Санкт-Петербург губерниясы, Нежинск мызасы (хутору) – 17. 10. 1836, Рим] – орус живописчиси ж-а графиги. 1788–1803-ж. Петербург сүрөт академиясынан билим алган. 19-к-дын башында-



О. А. Кипренский. Е. С. Авдулинанын портрети. 1822–23.

гы эң ири орус портретистеринин бири, романтизмдин өкүлү. Алгач «Дмитрий Донской Куликов талаасында» (1805) деген патриоттук картинасын (алтын медалга татыктуу болгон) ж-а экспрессиялуу сүрөттөрдү жараткан. К портреттеринде адамдын кулк-мүнөзүн даана чагылдырган. А. К. Швальбе (1804), Е. В. Давыдов (1809), жубайлар Ростопчиндердин (1809-ж. чен-де) портреттеринде ички дүйнөсү жагымдуу ж-а романтикалык умтулуусу бай образдарды түзгөн. Акындар А. Крылов, К. Н. Батюшков, И. В. Гёте, А. Мицкевич, арх. Ж. Кваренги ж. б. иск-во ишмерлеринин мүнөздөмөлөрү терең графикалык портреттер сериясын жараткан. 1816–23-ж. ж-а 1828-жылдан Италияда жашаган. 1827-ж. А. С. Пушкиндин портретин тарткан. Орус портрет живописине К. романтикалык пафосту, бийик гуманизмди ж-а образдардын гармониялык ачыктыгын киргизген.

Ад.: *Сарабьянов Д. В.* О. А. Кипренский. Л., 1982; *Зименко В. М.* О. А. Кипренский. М., 1988.

КИПРИ́ГЕЛЬ (нем. kippregel, kippen – антарылма, regel – сызгыч) – геодезияда колдонулуучу аспап. Топогр. сүрөткө тартууда рельефти, контурду, жер бетиндеги кээ бир заттарды планга түшүрүүдө мензула м-н бирге колдонулат; к. *Геодезиялык аспаптар.*

КИР II Улуу (б. з. ч. 600–530) – перс падышасы (б. з. ч. 558–530). *Ахеменниддер* мамлекетинин негиздөөчүсү. Б. з. ч. 550–549-ж. Мидия падышалыгын, б. з. ч. 54-ж. Лидия м-н Кичи Азиядагы грек шаарларын, б. з. ч. 545–539-ж. О. Азиянын көп бөлүгүн, б. з. ч. 539-ж. Месопотамия ж-а Вавилонду багындырган. Б. з. ч. 530-ж. Сыр-Дарыянын боюн мекендеген сак (массагет) уруулары м-н согушта курман болгон. Грек тарыхчыларынын маалыматтарында анын башын массагеттердин аял падышасы Томирис кесип алганы тууралуу айтылат.

Ад.: *Дандамаев М. А.* Политическая история Ахеменидской державы. М., 1985.

КИРГЕН СУУ – жыл сайын белгилүү бир мезгилге туура келген (метеорол. шарттарга байланыштуу), узакка созулган суу чыгымынын артышы ж-а ага байланыштуу денгээлинин көтө-

рүлүшү. Суу кирген учурда нугунан ашып, жайылмасын каптап агат. Кырг-ндын сууларынын кирген мезгили жай айлары: июль–август, Казакстан, Россиянын суулары апрель–май айларына туура келет. Суу кирүүнүн себептери: мелүүн климатта – жазгы кардын, тоолордогу кармоңгулордун эрүүсү; муссондук климатта – узакка созулган жаркы жаан-чачын, тропиктик алкактарда – циклон жаан-чачындары ж. б. Суу киргенде суунун өтө мол болушу суу ташкынына алып келет.

КИРГИЗГИЧ (англ. Input device) информатикада – берилиштерди *компьютерге* киргизүүчү түзүлүш. Кеңири таралган К-ке *баскыч топ* (клавиатура) тактасы (keyboard) ж-а *«чычкан»* (mouse) кирет. Клавиатура аркылуу киргизилген берилиштер убактылуу компьютер эсинде сакталат ж-а *мониторду* көрсөтүлөт. «Чычкан» экранга чагылдырылган «чычкан» көрсөткүчү же курсор (жылгыч – pointer) деп аталган кичине символду жылдыруу үчүн колдонулат. Жылгыч түрдүү көрүнүштөргө ээ, көп учурда жебе түрүндө көрүнөт. Мис., кол жазманы К. – баскыч топ тактасы аркылуу эмес кол м-н жазылган текстти киргизүүчү түзүлүш. Планшеттен сырткары жазуу үчүн үч өлчөмдүү графиктерди түзүү же автоматташтырылган долбоорлоодо колдонулган графиктик планшеттерди пайдалануу каралган. Мындан сырткары кол жазма үчүн «чычканды» колдонуу мүмкүнчүлүгү да бар.

КИРГИЗГИЧ КАЛЕМ информатикада (англ. pen input – киргизүү калеми) – компьютерде калемдин жылышын аныктаган атайын программалык жабдуу. Компьютер К. к. тийген чекиттин координатын ж-а экрандын карангылаган ордун аныктайт. Кол жазма атайын программалык жабдык м-н компьютер түшүнгөн текстке которулат. К. к-ди объектини (сөлөкөт) башкаруучу түзүлүш катары колдонуу ыңгайлуу. К. к. *«чычканга»* окшоп иштейт, К. к. м-н экран бети бир же эки ирет басылат. Жесттер (жука болот барак) К. к. м-н атайын символ түрүндө түзүлөт ж-а тиешелүү буйруктарды билгизет. Берилишти К. к. м-н киргизүү көбөйүүдө, өзгөчө даяр формаларды толтуруу маселелери, о. эле жумуш орундарынан же кеңсеси алыста көп убакыт кыймылда жүргөн кызматчылардын суроо-талабы сыяктуу иште колдонулат.

КИРЕШЕ – кандайдыр бир ишмердиктин натыйжасында конкреттүү мезгил ичинде алынган акча суммасы же башка баалуулуктар. К. *эмгек акы*, маяна, *пайда*, *рента*, *процент*, *пенсия*, *жумушсуздук* б-ча жолок пул ж. б. түрүндө кирет.

КИРЕШЕЛЕР ТУУРАЛУУ ДЕКЛАРАЦИЯ – жеке адамдардын белгилүү бир мезгил ичиндеги (адатта бир жыл үчүн) *кирешеси* ж-а ал кирешелерден төлөнгөн *салыктар* тууралуу мамл. органдарга берген билдирүүсү. Толтурулган декларацияны берген адам декларант деп аталат. Ар жылы декларация толтуруу Кырг-нда да жүргүзүлөт.

КИР ЖУУГУЧ – кир буюмдарды мех. жол м-н жуучу машина. 19-к-дагы алгачкы кир жуугуч түзүлмө жыгачтан жасалып, кир кол м-н жуулган. Кийинчерээк электр кыймылдаткычы аркылуу айлануу кыймылына келүүчү барабандан суу ысытуучу ж-а сыгуучу түзүлмөдөн турган К. ж. пайда болгон. Биздин өлкөдө да бир канча типтеги К. ж. жасалган. Алардын бири азыркы кезге чейин үй тиричилигинде колдонулуп келаткан «Киргизия» машинасы. Азыркы



Автоматтык кир жуугуч машина.

кездеги К. ж. суу кирбөөчү тулкусунун ичинде жайгашкан атайын көзөнөкчөлүү барабандан турат. Барабан жай айланганда, кир жуулуп, ал эми ылдам айланган учурда кир сыгылат. Суу куюлгандан баштап ысытуу, жуу, сыгуу, кургатуу, суу төгүү иштери атайын микропроцессорлордун жардамы м-н автоматтык түрдө башкарылат.

КИРИБА́ТИ, Кирибати Республикасы – Океаниядагы мамлекет, Тынч океандын экватордук батыш бөлүгүндө. Ал 3 аралдар тобунан турган 33 аралды (атоллду; анын 21инде эл жашайт) камтыйт: Гилберт а. (16 арал; бардыгында эл жашайт), Феникс а. (8 арал; Кантон (Абарирнга) а-нда эл жашайт), Лайн а. (8



арал; Табуаэран, Тераина, Рождество а-нда эл жашайт), о. эле Банаба а. (эл жашайт; Гилберт а-нан 400 *км* батыш тарапта). Аймагы батыштан (Банаба а-нан) чыгышты (Каролайн а-н) карай 4 мин *км*дей аралыкка созулат. Кургак-

тыктын аянты 719 *км²* (башка маалыматтар б-ча 811 *км²*). Калкы 110,4 миң (2008). Борбору – Баирики (Тарава атоллунда). Расмий тили – англис тили; калкынын көбү кирибати тилинде сүйлөйт. Адм. жактан 6 районго (Банаба а., Гилберттин Түн. а., Гилберттин Борб. а., Гилберттин Түш. а., Лайн а., Тарава а.) ж-а 21 арал кенешине (эл жашаган аралдардын санына жараша) бөлүнөт. Акча бирдиги – Австралия доллары.

К. – БУУнун (1999), Шериктештиктин (1979), Тынч океан аралдар форумунун (1971; 2000-ж. чейин Түш. Тынч океан форумунун), ЭВФтин (1986), Эл аралык реконструкция ж-а өнүгүү банкынын (1986) мүчөсү.

Мамлекеттик түзүлүшү. К. – унитардык мамлекет. К-нин Конституциясы 1979-ж. 12-июлда кабыл алынган. Башкаруу формасы – парламенттик респ. Мамлекет ж-а өкмөт башчысы – президент, 4 жылдык мөөнөткө шайланат (3 жолу кайра шайланганга укугу бар). Президент парламент депутаттарынан вице-президентти дайындайт. Мыйзам чыгаруучу жогорку органы бир палаталуу парламент – Чогулуш палатасы. Аткаруу бийлик өкмөткө (кабинет) таандык, курамына президент, вице-президент ж-а министрлер кирет. К-де көп партиялуу система орун алган. Негизги саясий партиялары: «Маневабан Те Маури» («Чогулушту коргоо»), «Боутокаан Те Коауа» («Чындык мыктылары»).

Табияты. Гилберт, Феникс ж-а Лайн а.– коралл (шуру) рифи м-н курчалган түздүктүү атоллдор (деңиз деңг. 5–8 *м* гана жогору); Банаба а. – көтөрүңкү атолл (бийикт. 81 *м*, К-нин эң бийик жери). Негизинен коралл (шуру) акиташ тектеринен түзүлгөн. Гилберт ж-а Лайн а. суу астындагы жанартоо атылышынан пайда болгон тоолордун үстүндө жайгашып, Тынч океандын Борб. чуңкурдугун батыштан ж-а чыгыштан тороп турат. Феникс а. Борб. чуңкурдуктун түш., Банаба а. Меланезия чуңкурдугунун борб. бөлүктөрүндө жайгашкан. Банаба а-нда фосфорит кени бар, бирок ал 1979-жылдан бери казылбайт; экон. зонасында темир-марганец конкрециялары кездешет. Климаты экватордук деңиздик; жылдык орт. темп-расы 27°С, сезон б-ча бир аз гана өзгөрөт. Жаан-чачындын жылдык орт. өлчөмү Гилберт, Лайн а-нын түш. бөлүктөрүндө ж-а Феникс а-нда 1000 *мм* ж-а андан аз, Гилберт а-нын түн. бөлүгүндө 3000 *мм*ге чейин жаайт. Жаан-чачын аймак б-ча текши жаабайт, кургакчыл мезгил тез-тез болот. Ноябрь–март айларында *тайфун* жүрөт. Тузсуз суу ресурсу чектелүү. Агын суулары [illegible] тузсуз суунун негизги булагы – жамгыр [illegible], кудуктардан бир аз мала туздуу суу чы[illegible]згакчыл жылдары К-де суу ресурстары [illegible]ис болот. Өлкөнүн аймагынын басымдуу [illegible]маданий өсүмдүктөр (кокос пальмасы, [illegible]рагы, таро, банан ж. б.) эөлейт. Айрым [illegible]ринде жерг. өсүмдүктөр кездешет, мис., [illegible] түш. бөлүгүндөгү жапыз өскөн бадалдар, түн. бөлүгүндөгү жапыз даректар ж. б.; Гилберт а-нын жээктеринин айрым жерлеринде мэнгр токою өсөт. Өлкөнүн аймагы жаныбарларга жарды. Негизинен деңиз экосистемасын коргоо максатында бир нече корук уюшулган; а. и. Феникс а-ндагы деңиз паркы (аянты 410,5 миң *км²*) – дүйнөдөгү коргоого алынган ири аймактардын бири.

Калкы. К-нин негизги калкын (97,8%ин) микронезиялык кирибатилер түзөт. Калкынын саны 20-к-дын ортосунан баштап өсүүдө (1950-ж. 38 миң адам болсо, 2005-ж. 103,1 миң адамга жеткен); 21-к-дын башында калктын өсүүсү 2,3%ти түздү. Төролүү 1000 адамга 30,3 бала (төрөлүүнү чектөө саясаты жүргүзүлүүдө), өлүм-житим 8 адам. Калкынын орт. курагы 20,6 жыл. Курактык курамында 15 жашка чейинки өспүрүмдөр 37,9%ти, эмгекке жарамдуу курактагылар (15–64 жаштагылар) 58,7%ти, 65тен ашкандар 3,4%ти түзөт (2008). Орто эсеп м-н 100 аялга 99 эркек туура келет. Өмүрдүн күтүлгөн орт. узактыгы 62 жаш (эркектердики 59,8 жаш, аялдардыкы 66 жаш; 2008). Калктын санынын өсүп жаткандыгына байланыштуу миграциялык кыймыл катуу көзөмөлгө алынган. Өлкөнүн элинин 92%тен ашыгы – христиандар. К-нин калкынын 80%и Гилберт а-нда (а. и. борб. Тарава атоллунда 50%) жашайт. Экон. активдүү калктын көбү дыйканчылык кылат, балык кармайт.

Тарыхы. К-ге таандык аралдарга б. з. ч. 1-миң жылдыктын башында австронезиялык уруулар, 13–14-к-да Самоа, Тонга ж-а Фижи а-нын калкы көчүп келип, отурукташа баштаган. Жерг. калкы – кирибатилер. 1606-ж. Бутаритари а. (испан деңиз саякатчысы П. Фернандес де Кирос ачкан), 1765-ж. Никинау а. (британиялык капитан Ж. Байрон ачкан), 1788-ж. Тарава ж. б. аралдар (Т. Гилберт ж-а Ж. Маршалл ачкан), 1826-ж. К-нин курамына кирген бардык аралдар ачылып, аларды орус деңиз саякатчылары – Ф. Ф. Беллинсгаузен ж-а И. Ф. Крузенштерндер изилдеген. 1857-ж. христиан миссионерлери жерг. калкты христиандаштыра баштаган. 1892-ж. Гилберт ж-а Эллис (азыркы Тувалу),

Тарава атоллу.



КИРИБАТИ



1900-ж. Ошен (азыркы Банаба), 1916-ж. Лайн, 1937-ж. Феникс а. Улуу Британия колониясына айланган. 2-дүйнөлүк согушта япон аскерлери Ошен, Тарава, Бутаритари ж-а Абемама а-н басып алып (1942), Ошен а-нын жерг. калкын Науру ж-а Кусаие а-на көчүрүп, калгандарын 1945-ж. кырган. 1943-ж. ноябрда Тарава а-на амер. десант түшүрүлүп, айыгышкан салгылашуулардан кийин япондуктар аралдан чыгарылган. АКШ бул аралга аскер базасын орноткон. Согуш бүткөндөн кийин АКШнын колдоосу м-н Улуу Британия колония аймагына (Рождество а-на; азыркы Киритимати) ядролук куралдарды сыноодон откоргон. 1963-жылдан Улуу Британия колониялык башкаруу системасын реформалай баштаган. Аткаруу ж-а Консультациялык кеңеш (1967-жылдан Өкүлдөр палатасы ж-а Өкмөттүк кеңеш) уюшулуп, кеңешке жерг. элдин өкүлдөрү дайындалган. 1971-ж. колония өзүн өзү башкаруу (британдык губернатор жетектеген) укугуна ээ болгон. Мыйзам чыгаруу кеңеши түзүлгөн. Ал 1974-ж. Чогулуш палатасы болуп өзгөрүп, башкы министрлик кызмат киргизилип, аны Набоуа Ратиета ээлеген. 1975-ж. 1-ноябрда колония экиге (Гилберт а. ж-а Эллис а.) бөлүнгөн. 1977-ж. 1-январда Гилберт а. колониясына өзүн-өзү башкаруу укугу берилип, 1979-ж. 12-июлда алардын көз карандысыздыгы жарыяланган. Жаңы пайда болгон мамлекет Кирибати Респ. деп аталган. Мамлекеттин алгачкы президенти – Иеремия Табаи (мурдагы башкы министр, 1991-жылга чейин президент). 1999-жылдан К. – БУУнун мүчөсү. 2007-ж. Аноте Тонг экинчи жолу президенттикке шайланган.

Чарбасы. К. – дүйнөдөгү начар өнүккөн өлкөлөрдүн бири; экон. негизги корсоткүчтөрү б-ча Океаниядагы көп өлкөлөрдөн да артта турат. ИДПнин көлөмү 348 млн доллар, аны киши башына болуштургондо 3600 доллардан туура келет. ИДПнин өсүүсү 2% (2007). ИДПнин 66,8%и тейлөө чөйрөсүндө (анын 20%и туристтик секторду), 24,2%и ө. ж-нда (курулуш, суу ж-а электр м-н камсыз кылуу кошо), 8,9%и а. ч-нда түзүлөт. Мамл. бюджет (2007-ж. 55,52 млн доллар) тапкыс чыгат (–19,87 млн доллар). Кирешенин басымдуу бөлүгү чет өлкөлүк (Түш. Корея, Япония, Кытай, амер. ж. б.) кемелерге К-нин гана экон. зонасынан (аянты 3,6 млн *км²* чамасында) балык кармоого лицензия сатуудан түшөт. Чет өлкөлүк финансылык жардам орто эсеп м-н жылына 15–20 млн долларды түзөт (2005-ж. 27,84 млн доллар); негизги донорлору: Япония, Австралия, Жаңы Зеландия, АКШ. Кирешенин маанилүү булагы (жылына 5–10 млн доллар) – чет өлкөлүк балык уулоочу кемелерде иштеген (2 миңдей адам) кирибатиликтерден түшкөн акча. Туризмдин өнүгүүсүнө (чет өлкөлөрдөн жылына 2,5 миңге жакын турист келет) аймагынын алыстыгы ж-а инфраструктуранын жоктугу тоскоол болот. Туризмдин негизги объектилери: Тарава атоллу (этногр. айылдар, аскер техникасынын калдыктары), Рождество а. (Океаниядагы эң ири атоллдордун бири), Каролайн а. (Милленниум; анын тургундары Жаңы жылдын келишин 1-болуп майрамдай баштайт). Мамл. сектор соода, авиатранспорт, мейманкана бизнеси, коммуналык чарба ж. б. тармактарда бысымдуулук кылат. Келе-





Кирибати акчасы – австралия доллары.

чекте К-де а. ч. ж-а балык промыселин, туризмди, башка өлкөлөр м-н аба катнашын өнүктүрүү, соода таңкыстыгын жоюу ж. б. б-ча улуттук план каралууда. Алыскы аралдарда жашаган калктын басымдуу бөлүгү копра, балык, кол өнөрчүлүк буюмдарын сатып күн көрүшөт.

Ө. ж-н пальма майын, тунец балыгын даярдоочу, эмерек жасоочу, кийим тигүүчү чакан ишканалар түзөт. Өндүрүлгөн электр энергиясынын (10 млн *кВт·с*) 9,3 млн *кВт·сы* ички муктаждыкка керектелет. Кустардык промысели өнүккөн: корзина, балыкчылар үчүн конус сымал калпак согуу, каноэ кайыгын жасоо ж. б. Өлкө аймагынын 2,5% и а. ч-нда пайдалануугa жарамдуу. Экспорт үчүн кокос пальмасы, ички керектөөлөргө таро, банан, нан дарагы, папайя, ямс, маниок өстүрүлөт. Мал чарбасы анча өнүккөн эмес: чочконун ж-а үй куштарынын санын көбөйтүүгө аракет жасалууда. Балык кармалат, деңиз продуктулары чогултулат.

Транспортун негизинен паром, кеме, кайык түзөт; алар негизинен Гилберт а-н бири-бири м-н байланыштырат; башка алыскы аралдар м-н дээрлик байланыш жок. Маанилүү порту – Тарава а-нда (Бетио). Жерг. авиакомпания Таравадан Гилберттин дээрлик бардык аралдарына рейс жасайт. 19 аэропорту бар. Эл аралык аэропорттору Тарава (Бонрики, негизги) ж-а Рождество (Банана) а-нда жайгашкан. Автомобиль жолунун жалпы уз. 670 *км* (2000).

Товардык экспортунун наркы 17 млн доллар, импорттуку 62 млн доллар (2005). Экспортко негизинен копра (наркынын $^2/_3$дейи), кокос жаңгагы, тирүү балык, деңиз продуктулары ж-а деңиз балырлары (негизинен Японияга аквариум үчүн жөнөтүлөт). Негизги соода шериктери: Бельгия, Япония, Австралия. Азык-түлүк (эт, эт консервасын, ун ж. б.), отун, кеңири керектелүүчү товарларды, түрдүү машина ж-а жабдууларды негизинен Австралиядан, Фижиден, Япониядан сатып алат.

Маданияты. К-де билим берүү мекемелерин Билим берүү, кесипке даярдоо ж-а технология министрлиги жетектейт. Чиркөө же жамаат мектепке чейин тарбиялайт. 1980-жылдарда милдеттүү акысыз 9 жылдык базалык билим берүү (6 жылдык башталгыч билим ж-а 3 жылдык толук эмес орто билим) киргизилген. К-де толук орто мектептин ([illegible]дык) 23% и мамлекетке, калган бөлүгү [illegible]көөгө тиешелүү. Өлкөдө 91 башталгыч м[illegible] (97,4% окуучу), 24 толук эмес ж-а 16 толук орто мектеп (67, 6%) иштейт (2005). Калктын сабаттуулугу 15 жаштан жогору 93,4% ти түзөт (2006). Түш. Тынч океан ун-ти (Фижи), пед. коллеж, деңиз, технол. ин-ттар, полиция академиясы, балык чарба борбору, Тарава а-нда Улуттук китепкана ж-а архив (1979) ж. б. бар.

К-де башкы басма органы – жумасына чыгуучу өкмөттүк «Te Uekera» (1945). Биринчи көз карандысыз гезит – «The Kiribati Newstar» (2000). Радио уктуруу 1952-жылдан жүргүзүлөт. И. Табаи жетектеген менчик радиостанция «New Air FM» (1999) иштейт, «Radio Australia» ж-а «Америка үндөрүнүн» радиопрограммалары уктурулат. Өлкөдөгү бардык телекоммуникациялык тейлөөлөрдү мамл. «Telecom Services Kiribati Limited» компаниясы (1990) иш жүзүнө ашырат.

Ад.: *Рубцов Б. Б.* Океяния. М., 1992; Кирибати // Большая Российская энциклопедия. Т. 14. М., 2009.

Ө. Бараталиев, Ш. Керимова.

КИРИ́ЛЛИЦА – байыркы славян эки алиппесинин бири (глаголица м-н бирге). 9-к-дын аягы, о. эле 10-к-дын башында пайда болгон. К. деген ат славян алиппесин алгач түзгөн агартуучу Кириллдин ысмынан коюлган. Байыркы К-да грек жазмасынан алынган 24 тамга болгон. Кийин ага славян тилдеринин грек тилинде жок тыбыштарын туюнтуу үчүн 13 тамга кошулган. К-нын келип чыгышы ж-дө так маалымат жок. 11–12-к-га чейин К. м-н глаголица бирдей колдонулуп, бара-бара глаголица колдонулбай калган. Бул алфавитти түзүү болгар ага-ини Кирилл м-н Мефодийдин диний-саясий-агартуучулук ишмердигине байланыштуу болгон. Алар грек алфавитинин негизинде алиппе түзүшүп, дин китептерин славян тилине которушкан. Адегенде К. түш. (болгар, серб, македон) ж-а чыгыш славяндарга (орус, беларусь, украин) тараган. Россияда 1708-ж. бул алфавит реформаланып, орус алфавитинин негизин түзгөн. 1941-ж. кыргыз алфавити К-нын негизинде түзүлүп, ага үч тамга (ө, ү, ң) кошулган. Сүрөтү 301-бетте.

КИРИ́ЛЛ-МЕФО́ДИЙ КООМУ – Россия империясындагы жашыруун саясий уюм. 1845-ж. Киевде түзүлгөн. Мүчөлөрү: В. М. Белозерский, Н. И. Гулаг, Н. И. Костомаров, П. А. Кулиш, Н. И. Савич, Т. Г. Шевченко ж. б. Коомдун максаты – борбору Киевде жайгашкан славяндык демокр, респ-ларды (штаттарды) түзүү болгон. Коом жарандык тең укуктуулукту, жалпы шайлоо укугун сунуштаган. Айрым мүчөлөрү (Т. Г. Шевченко, Н. И. Гулак, А. Навроцкий) күрөштүн рев-ячыл ыкмаларын колдонсо да, жалпысынан коом либералдык-реформачыл позицияда турган. К.-М. к-нун мүчөлөрү 1847-ж. камалып, ар кандай жазага тартылган.

Ад.: *Зайончковский П. А.* Кирилло-Мефодиевское общество (1846–1847). М., 1959.

КИРИНДИ СӨЗ – айтылуучу ойдун түрдүү кырдаалын билдирген сөздөр же сөз тизмектери. Сен экөөбүз, эң оболу, окуу жөнүндө сүйлөшөлү (М. Элебаев).

КИРКУ́К – Ирактагы шаар. Таамим мухафазасынын (адм.-айм. бирдик) адм. борбору. Калкы 835,9 миң (2008). Чоңдугу ж-а калкынын саны б-ча Ирактагы эң ири шаарлардын бири. Автомобиль жол тоому. Т. ж. бекети. Аэропорту бар. Нефть ажыратуу, хим. ө. ж. ишканалары иштейт. Шаарга жакын жерден нефть казылып алынат.

КИРИЛЛИЦА		Грек устав жазмасы	КИРИЛЛИЦА		Грек устав жазмасы
Тамгалар ж-а алардын аталышы	Сан маанисн		Тамгалар ж-а алардын аталышы	Сан маанисн	
А – аз	1	А	Х – хер	600	Х
Б – буки			Ѡ – омега*	800	Ѡ
В – веди	2	В	Ц – цы	900	
Г – глаголь	3	Г	Ч – червь	90	
Д – добро	4	Д	Ш – ша		
Є – есть**	5	Є	Щ – ща		
Ж – живете			Ъ – ер		
Ѕ – зело*	6	Ѕ	Ы – еры		
Ꙁ – земля**	7	Ꙁ	Ь – ерь		
І – и*	10	І	Ѣ – ять*		
Н – иже**	8	Н	Ю – ю		
К – како	20	К	Ꙗ – (и) я**		
Л – люди	30	Л	Ѥ – (и) е**		
М – мыслете	40	М	Ѧ – кичине юс*		
N – наш**	50	N	Ѫ – чоң юс*		
О – он	70	О	Ѩ – йоттошкон кичине юс*		
П – покой	80	П	Ѭ – йоттошкон чоң юс*		
Р – рцы	100	Р	Ѯ – кси*	60	Ѯ
С – слово	200	С	Ѱ – пси*	700	Ѱ
Т – твердо	300	Т	Ѳ – фита*	9	Ѳ
Оу – ук**	400		Ѵ – ижица*		Ѵ
Ф – ферт	500	Ф			

КИ́РОВ – Ош облнун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Сарай айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 740 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кара-Суу ш-нын түштүгүнө улай жайгашкан. Калкы 1543 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, амбулатория бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода жайлары иштейт.

КИ́РОВ – Чүй облнун Панфилов р-нундагы кыштак. Күрпүлдөк айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 685 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кайынды шаарчасынан 19 *км* түш. тарапта. Калкы 1005 (2008); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенип, мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар. Үй-бүлөлүк врачтар тобу иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КИ́РОВ – Чүй обл-нун Ысык-Ата р-нундагы кыштак. Ак-Кудук айыл округуна караштуу. Кырг-н машина сыноочу станциясынын аймагында, деңиз деңг. 697 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кант ш-нан 6 *км* түн. тарапта. Кыштак 1927-ж. негизделген. Калкы 1681 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, медпункт бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү ж. б. иштейт. Сов. коомдук ишмер С. М. Кировдун ысмынан аталган.

КИ́РОВ (1781-ж. чейин Х л ы н о в, 1934-ж. чейин В я т к а) – Россиядагы шаар (1708-жылдан). Киров обл-нун адм. борбору. Вятка д-ндагы порт. Калкы 464,6 миң (2008). Ири автомо-

биль ж-а т. ж. тоому. Аэропорту бар. Алгач Вятка д-нын оң жээгинде жайгашып, Вятка аталган. 1489-ж. Россия мамлекетинин курамына кирген. Сибирь (1708–27) ж-а Казан (1727–80) губернияларындагы шаар. Вятка провинциясынын адм. борбору (1719–80). 19–20-к-дын башында саясий сүргүн жайы болгон. К-до А. И. Герцен, А. Л. Витберг ж-а Ф. Ф. Павленков, А. И. Герцен сүргүндө болушкан. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде маанилүү тыл борбору болуп, бул шаарга бир нече ири ө. ж. ишканалары [а. и. «Красный инструментальшик» (азыр КРИН аспап) з-ду ж-а Коломна паровоз куруу з-ду] эвакуацияланган. Ноговицынск (б. з. ч. 7–3-к.) ж-а Чижевск (8–3-к.) шаар чалдыбарлары, Ыйык-Успенье Трифон эркектер монастырь ансамбли беш башкы Успенье собору м-н (1684–89), Благовещенье, Троица чиркөөлөрү, классицизм стилиндеги турак жайлар (18–19-к.) сакталган. С. Я. Машковцевдин (1792–96), Жмакиндердин (1815) чарбагы, көпөс Я. А. Прозоровдун үйү (1871–72) ж. б. сакталган. Ө. ж-нын негизги тармактары: машина куруу (а. и. станок ж-а прибор куруу), электр-тех., металл иштетүү, микробиология, жыгаччылык, булгаары–бут-кийим («Артэкс»), кебез-кездеме («Вятка-текс»), «Новая Вятка» жыгач такталар комбинаты, тамак-аш («Здрава», «Вятушка»). Чопо оюнчуктар өндүрүшү («Комтех») иштейт. Жети ИИИ (пед., политех., а. ч.), ЖОЖдордун филиалдары (финансы-экон. ж-а мед.), калк китепканалары, музейлер (сүрөт, край таануу, вяткалык көркөм кол өнөрчүлөрдүн, К. Э. Циолковский атн. авиа ж-а космонавтика), А. С. Гриндин, М. Е. Салтыков-Щедриндин үй-музейлери, театрлар (драма, куурчак ж. б.), филармония, камералык оркестр бар. Ботан. бак ж-а планетарий уюштурулган. Сов. мамл. ж-а парт. ишмер С. М. Кировдун ысмынан аталган.

КИРОВАБАД – 1) Азербайжан Респ-ндагы *Гянжа* ш-нын 1935–89-ж-дагы аталышы; 2) Тажикстан Респ-ндагы Пянж ш-нын 1936–63-ж-дагы аталышы.

КИРПИЛЕР (Erinoceidal) – курт-кумурска жечү сүт эмүүчүлөр тукуму. Денеси ийне м-н капталган, көбүнүн буту беш манжалуу, кашка тиштери чоң, кылкыйма тишке окшоп кетет. Тери алдындагы булчуңу жакшы өөрчүгөн. Коркунуч сезгенде, ал булчундар жыйрылып, тоголок формага айланат. Кулагы, көзү даана байкалат. К-дин 2 тукумчасы, 12–15 түрү Евразия, Африкада таралган. КМШ өлкөлөрүндө 7 түрү бар. Алар Европа, Ы. Чыгыш, Кавказ ж-а Борб. Азияда, Кырг-нда токой, бадал арасында, талаада, чөлдө, өзөн жээгинде жашайт. Айрым түрү кышкысын чээнге кирет. Жылына 1–7 бала тууйт. А. ч-на зыян келтирүүчү курт-кумурскаларды жеп, пайда келтирет. 1 түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.



КИРПИ́Ч, к ы ш – мин[illegible]дык материалдан бышырылып, буу м-н и[illegible]илип даярдалган бекем, сууга ж-а суукка т[illegible]туу, туура (параллелепипед) формадагы эң [illegible]ркы курулуш материалы. Алгач К. ылай[illegible]ан кошулуп, калып м-н куюлуп, кургаг[illegible]кийин бышырылбай эле пайдаланылган. [illegible]ыкмада даярдалган К. азыркы мезгил[illegible]н пайдаланылып келүүдө. Б. з. ч. 3–2-ми[illegible]дыктарда бышырылган К. Египетте, Бай[illegible] Римде колдонула баштаган. Пайдалануу түрүнө ж-а даярдоо ыкмасына жараша силикат К. ж-а бышырылган чопо К. болуп бөлүнөт. Силикат К. акиташ, кум, цемент кошулуп, жогорку басымда ж-а темп-рада даярдалат. Бышырылган чопо К. кадимки ж-а көркөм болуп ажыратылат. Кадимки К. дубал материалы катары пайдаланылат. К-тин сырткы өлчөмү: 250×125×65 *мм* ж-а 250×120×88 *мм*. Бекемдик чеги б-ча К. 75, 100, 125, 150, 200, 250 ж-а 300 маркалуу болуп ажыратылат. К. оңой эрүүчү таза чоподон ж-а кумдуу чоподон же кум, жыгач таарындылары, күл аралаштырылып даярдалат. К-ти даярдоодо чопо ташы терилип, жуурулуп, формага келтирип, кесилгенден кийин атайын меште 900–950°С темп-рада бышырылып, кургаткычта кургатылат. Бул процесс механикалаштырылган ири ишканада жүрөт.

КИ́РХГОФ Густав Роберт (12.3. 1824, Кёнигсберг – 17. 10. 1887, Берлин) – немис физиги. Берлин ИАнын мүчөсү (1874), Петербург ИАнын корр. мүчөсү (1862). Кёнигсберг ун-тин бүткөн (1846). 1875-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Берлин ун-тинин математика-физика кафедрасынын башчысы болуп иштеген. Ал оптика, электр-динамика, механика б-ча ил. изилдөөлөрдү жүргүзгөн. К. тармакталган электр тизмегинде электр тогунун законун (к. *Кирхгоф эрежеси*, 1847) ачкан. К. немис химиги Р. В. Бунзен м-н бирге спектрдик анализге негиз салган. 1859-ж. жылуулук чыгаруу кубулушунун негизги закондорунун бири – Кирхгоф нурлануу законун ачкан ж-а физикага *абсолюттук кара нерсе* түшүнүгүн киргизген.

КИ́РХГОФ ЭРЕЖЕСИ – тармакталган электр тизмегиндеги ток күчүн, чыңалууну (же электр кыймылдаткыч күчүн) аныктоочу эреже. 1847-ж. немис физиги Г. Р. *Кирхгоф* төмөнкү 2 эрежени аныктаган. 1) Өткөргүчтөрдүн тармакталуу түйүнүнө (*а* сүрөт) чогулган токтордун алг. суммасы нөлгө барабар: $\sum_{k=1}^{L} I_k = 0$; мында n – тармактардын саны, түйүнгө агып келүүчү ток – оң, андан агып чыгуучусу – *терс* болот: $I_1+I_2+I_3=0$. Бул эреже заряддардын сакталуу законунан келип чыгат. 2) Электр тарм[illegible]ынан эркибизче [illegible]үп алынган ар к[illegible]най туюк контур[illegible]ты ток күчүнүн ка[illegible]ылыкка болго[illegible]көбөйтүндүсүнүн алг. суммасы туюк чынжырдагы электр кыймылдаткыч күчүнүн $\xi_к$ алг. суммасына барабар:



$$\sum_{k=1}^{n} I_k R_k = \sum_{k=1}^{n} I_k \xi_к;$$ n – туюк контурдагы бөлүкчөлөрдүн саны. Саат жебесинин жүрүшүнө туура келген контурдун багыты оң деп эсептелет (*б* сүрөт). Кирхгофтун 2-эрежеси электр тизмегине *Ом законун* колдонуудан алынат.

КИРШЁЛК – Чүй обл-нун Ысык-Ата р-нундагы кыштак. Люксембург айыл округуна караштуу. Бишкек – Каракол автомобиль жолунун, Бишкек – Балыкчы т. ж-нун боюнда, дениз деңг. 735 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кант ш-нан 5 *км* батыш тарапта. Кыштактын түн. тарабынан *Чоң Чүй каналы* өтөт. Кыштак 1930-ж. негизделген. Калкы 2386 (2008); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, мад-т үйү ж. б. бар. Үй-бүлөлүк врачтар тобу, соода түйүндөрү иштейт.

КИСЕ, т е к м а т – оттук, *кын, окчонтой*, бат атар, *баштык, кестик, кылыч* ж. б. салынуучу, курга боосунан бекитилип же илинип коюучу тегерек кутуча түрүндөгү баштык. Ал күмүш чабылып, кайыштан, булгаарыдан 3–4 эли (5–7 *см*) жазылыкта, уз. курчанчу адамдын белине чакталып, кооздолуп жасалган. Мурдагы көчмөнчүлүк, жоокерчилик турмушта К. өтө зарыл буюм болуп эсептелген. Жакшы зергерлер жасаган К-лер баалуу мүлк катары атадан балага мурас болуп калган. Патрон, пистон, ширенкенин пайда болушу м-н К-нин мааниси төмөндөгөн.



КИСЕЛЁВ Владимир Владимирович (1934-ж. т., Фрунзе) – геолог, геология-минералогия илимд. доктору (1992). ФПИни бүткөн (1957). Кыргыз ССР ИАнын Геология ин-тунда ил. кызматкер, 1977-жылдан лабор. жетекчиси. Ил. иштери негизинен жалпы ж-а аймактык геология, изотоптук геохронологияга арналган.

КИСЛОВО́ДСК – Россиядагы шаар (1830-жылдан). Ставрополь крайынын түш.-батышында, Чоң Кавказдын түн. этегинде, Ольховка ж-а Берёзовка д-нын өрөөнүндө, дениз деңг. 817–1062 *м* бийикте жайгашкан. Кавказ минералдуу суулар тобунун курамындагы эң ири бальнеол. климаттык курорттордун бири. Бир нече санаторий иштейт. Калкы 129,2 мин (2008). Т. ж. бекети. Автомобиль жолу аркылуу Минеральные Воды ш. м-н байланышат. 1803-ж. Кисловодск чеби катары негизделген. 19–20-к-дын курулуштарынан Кисловодск чеби (1803, 1965-жылдан музей), Ребровдун үйү (1829-ж. А. С. Пушкин келген; 1837-ж. М. Ю. Лермонтов жашаган), живописчи Н. А. Ярошенконун чарбагы (1959-жылдан музей-чарбак; анда орус графикасы м-н живописинин топтому коюлган), неоготика стилиндеги Нарзан галереясы, павильондор (20-к-дын башы), дачалар ж. б. сакталган. Тамак-аш–татымал, жеңил, эмерек ө. ж. ишканалары, «Нарзан» минералдуу суусун бөтөлкөгө куюучу з-д иштейт. Гуманитария-тех., экономика ж-а укук ин-ттары (1992), ун-т (филиал), көргөзмө залы, куурчак театры, цирк бар. Шаарда ж-а ага жакын жерде көптөгөн табигый эстеликтер кездешет.



Курорттогу нарзан суусу менен ванна алуучу жай.

КИСЛОТА́-НЕГИЗДИК ТИТРЛӨӨ – сууда эрүүчү к-таларды ж-а негиздерди күчтүү к-танын, күчтүү негиздин стандарттык эритмеси м-н титрлеп аныктоо ыкмасы. Титриметрияда колдонулуучу реактивдин белгилүү концент-сындагы эритмеси титрленген эритме, жумушчу эритме, стандарттык эритме же титрант деп аталат. Титрант катары негизинен күчтүү к-талардын ж-а щелочтордун (KOH, NaOH) эритмелери колдонулат. Титрлөө учурунда аныкталуучу заттын эритмеси м-н титранттын өз ара толук реакцияга кирген учуру эквиваленттик чекит деп аталат. Эквиваленттик чекит кислота-негиздик индикаторлордун бир аз эритмесин аныкталуучу заттын эритмесине кошуп титрлөө аркылуу аныкталат. Титрлөө аяктаганда индикатордун алгачкы түсү өзгөрүлөт. Бул учур титрлөөнүн акыркы чекити деп аталат. Титрлөөнүн акыркы че-

кити м-н эквиваленттик чекиттин дал же жакын келиши титриметриялык анализде эң чоң мааниге ээ. Себеби, аныкталуучу заттын саны титранттын эквиваленттик чекитке чейинки сарпталган көлөмү аркылуу табылат. Ошондуктан титрлөөнүн акыркы чекити м-н эквиваленттик чекиттин айырмасын азайтуу максатында тиешелүү индикаторлорду ж-а шарттарды тандоо титриметриялык анализдин эң негизги талаптарынан болуп саналат. Эквиваленттик чекитти физ.-хим. методдорду (потенциометрия, кондуктометрия, фотометрия ж. б.) колдонуу м-н да аныктайт.

КИСЛОТАЛАР – металл м-н оной алмашуучу суутеги бар ж-а сууда эригенде H^+ ионун пайда кылуучу хим. бирикмелер. К. кычкылтектүү, (H_2SO_4, H_2CO_3, HNO_3 ж. б). ж-а кычкылтексиз (HCl, H_2S, HCN ж. б.) болуп айырмаланат. Кычкылтектүү К. кээ бир кислоталык оксиддердин суу м-н кошулушунан, кычкылтексиз К. айрым элементтердин суутек м-н кошулушунан пайда болот. К-дын малекуласындагы суутек атомунун саны алардын негиздүүлүгүн аныктайт, мис., HCl, HNO_3 – бир негиздүү, H_2S, H_2SO_4 – эки негиздүү, H_3PO_4 – үч негиздүү К.

КИСЛОТАЛАР ЖАНА НЕГИЗДЕР – хим. бирикмелердин класстары. Суутек атомдору бар заттар (HC1, HNO_3, H_2SO_4 ж. б.) кислоталар деп аталат. Сууда диссоцияланганда, H^+ ионун (гидроксоний ионун H_3O^+) пайда кылат. Кислотанын диссоциацияланууга даражасы канчалык жогору, б. а. суудагы эритмесинде H_3O^+ канчалык көп болсо, кислота ошончолук күчтүү болот. Курамында гидроксил тобу ОН болуп (КОН, NaOH, LiOH, $Ca(OH)_2$, $Ba(OH)_2$ ж. б.), эритмелери диссоциацияланганда, OH^- ионун пайда кылуучу заттар негиздер деп аталат. Көпчүлүк заттар бир реакцияда кислоталык, экинчи реакцияда негиздик касиетти көрсөтөт (к. *Амфотердүүлүк*). Заттарды кислоталык ж-а негиздик деп бөлүүдө бирдей көз караш, б. а. бирдиктүү критерий иштелип чыга элек. Жалпыга белгилүү эки теория бар. Алар – даниялык физ.-химик Й. Н. Брёнстед м-н амер. физ.-химик Г. Н. Льюистин теориялары. Брёнстед курамында суутеги болуп, реакция убагында H^+ иондору – протондорду берүүчү заттарды кислоталарга, протондорду кошуп алуучу заттарды негиздер классына киргизет. Протонду кислотадан негизге берүү м-н жүргөн хим. реакция кислота-негиздик же протолиттик реакция делип, Брёнстеддин теориясы протолиттик теория деп аталат. Льюис б-ча хим. реакция убагында 2 электронду кошуп алуучулар кислота, ал эми 2 электронун берген заттар негиздер деп аталат. Натыйжада негиздин электрондорунун эсебинен кислота өзүнүн электрондорун толуктайт ж-а электрондук катмары туруктуу жаңы бирикме (туз) пайда болот. Ошентип, Льюис заттардын кислота-негиздик касиетин анын сырткы электрондук түзүлүшү м-н байланыштырат. Бул эки теория практикада кеңири колдонулат. Чөйрөнүн кислоталык же негиздик болушу, хим. реакцияны ылдамдатуу, өзгөртүү (кислота-негиздик катализ), нейтралдоо, гидролиз, металлдарды ойдуруу ж. б. кислота-негиздик реакцияга негизделген. Жалпыга бөлүнүү бул эки теориядан башка дагы бир нече теория ж-а көз караш бар.

Ад.: *У. А. Асанов, Т. Т. Жайбергенов, К. Рысмендеев.* Жалпы химия. Б.

КИСЛОТАЛУУ ЖААН-ЧАЧЫН, кычкыл жаан-чачын – атм. кычкылданган (pH 5,6дан төмөн) жамгыр, кар аралаш жаан; ө. ж. ишканаларынан ж-е автотранспорттон чыккан таштандыларга (негизинен SO_2, NO_2, HCl ж. б.) каныгышынан пайда болот. Терминди алгач англ. химик А. Смит 1970-ж. (Манчестер ш-нын абасынын булгануу деңгээли м-н жаан-чачындын кислоталуулугун өз ара байланышын аныктоо аркылуу) сунуштаган. Бирок, К. ж.-ч-дын экол. кесепети акыркы он жылдыктарда гана байкалган. К. ж.-ч. колмолор м-н топуракты кычкылдандырып, балыктардын, суудагы башка организмдердин жоголушуна, токойлордун жакшы өспөй куурап калышына, экосистеманын бузулушуна алып келет. К. ж.-ч-дарды пайда кылуучу күкүрттүн оксиддерин (SO_2, SO_3) нефть, көмүр м-н иштеген жылуулук электр станциялары ж-а металлургиялык з-ддор, азоттун оксиди (NO) м-н диоксидин (NO_2) – жылуулук электр станциялары ж-а автотранспорт, ал эми хлор к-тасын түздүү табигый ж-а өндүрүш булактары болуп чыгарат. Суюк К. ж.-ч. Скандинавия өлкөлөрүндө ж-а Канадада, кургак түрдө АКШнын ортоңку батышында, Чехия м-н Словакияда жаайт. Анын өтө кычкыл көрсөткүчү (pH – 2,3) Батыш Европада байкалган. К. ж.-ч-дан жер астындагы суулардагы металлдардын (коргошун, жез, цинк ж. б.) өлчөмү көбөйүп, тамыр аркылуу өсүмдүктөргө өтүп, аларды уулантып, көбүнчө кууратып салат. Адамдын ден соолугуна да терс таасирин тийгизип, өсүмдүктөргө, жандыктарга о. эле имарат м-н арх. эстеликтерге зыян тийгизет. Атм. SO_2 м-н өтө булганган өлкөлөргө – Финляндия, Люксембург, Чехия, Венгрия, Канада кирет. К. ж.-ч. акыркы жылдары орчундуу көйгойго айланып, ааламдык мүнөзгө ээ болууда.

«КИТАБ ал-АГАНИ» («Ыр китеп») – араб поэзиясынын антологиясы. Ад-тчы, акын, тарыхчы, Абу-л-Фарадж ал-Исфахани (897–967) түзгөн. Китепке 7–10-к-дагы араб акындарынын ырларына жазылган Ибраим ал-Маусили, Исмаил ибн Жами ж-а Фулайха ибн ал-Аврдын музыкасы кирген. «К. а.-А-де» акындардын өмүр баяндары, композиторлор м-н белгилүү аткаруучулар тууралуу маалыматтар камтылган. Түзүүдө кемчиликтер кетирилгени м-н, бул китеп – 10-

к-га чейинки арабдардын ж-а араб тилинде сүйлөгөн элдердин ад-ты, мад-ты ж-а үрп-адаты тууралуу маалыматтарды камтыган баалуу эмгек. «К. а.-А-м» немис илимпозу Козергартен 10 том кылып чыгармак болуп, анын 1-тому гана жарык көрүп (1868–69). Китеп толугу м-н 21 том болуп, 1[illegible]-ж. Каирде басылып чыккан.

Ад.: *Крымский Ф. Е.* История арабов и арабской литературы. Т. 1. М., 1911–13.

«КИТАБ ал-А[illegible]К ан НАФИСА» («Асыл ойлор китеби») – [illegible]-к-дын 2-жарымы 10-к-дын башында жашап [illegible]кон араб географы Абу Али Ахмед ибн Рустенин энциклопедиялык эмгеги. Ибн Русте Иранды Исфакан кыш-нда жашаган. Бул эмгектин түп нускасы көп томдук, бизге 7 тому гана жеткен. Автор бул китебинде Абу-л-Касым Убайдаллахтын, ибн Хордадбектин чыгармаларын пайдаланган. Анда астр. ж-а кызыктуу геогр. маалыматтар камтылган. Жерге байланыштуу жети аныз ж-а деңиздер, өзөндөр (Каспий, Арал деңиздери, Сыр-Дарыя) тууралуу маалыматтар бар.

Ад.: Материалы по истории туркмен и Туркмении. Т. 1. М.; Л., 1939; *Крачковский И. Ю.* Изб. соч., Т. 4. М.; Л., 1957.

«КИТАБ ал-БУДАН» («Элдер китеби») – тарыхый чыгарма. 891-ж. жазылган. Автору – Абу-л-Аббас Ахмед ал-Иакуби. Чыгармада ошол кездеги ири аймактар 4 тармакка бөлүнүп сүрөттөлгөн. Китепте О. Азия м-н ортонку ж-а жакынкы чыгыш элдеринин (Иран, Афганстан) тарыхый-геогр., этногр. саясий түзүлүшү баяндалган. Соода жолдору, эл жашаган жерлер м-н шаарлар тууралуу кеңири материалдар камтылган. Испиджаб, Шаш, Фараб, Тараз ж. б. шаар ж-до да маалыматтар берилген.

Ад.: *Крачковский И. Ю.* Арабская географическая литература. Избр. соч. Т. 4. М.; Л., 1957; *Кумеков Б. Е.* Государство кимаков IX–XI вв. по арабским источникам. А.-А., 1972.

«КИТАБ ал-ХАРАДЖ ва САНАТ ал-КИТАБИ» («Жер салыгы жөнүндө китеп») – тарыхый чыгарма. 928-ж. жазылган. Автору – Абу-л-Фарадж Кудама ибн Жафар ал-Басри. Чыгармада Араб халифатынын адм. бөлүнүшү, жол катмашы, шаарлар, тоолор, өзөндөр, көлдөр, огуздар, карлуктар, кимактар сыяктуу түрк уруулары, алардын жайгашуусу тууралуу маалыматтар чагылдырылган.

Ад.: *Крачковский И. Ю.* Арабская географическая литература. Избр. соч. Т. 4. М.; Л., 1957; *Кумеков Б. Е.* Государство кимаков IX–XI вв. по арабским источникам. А.-А., 1972.

«КИТАБ ФУТУХ ал-БУЛДАН» («Жорук китеби») – тарыхый чыгарма. Автору – Абу-л-Аббас Ахмед ал-Белазуриддин. Чыгарманын ар бир главасы хронол. тартипте жазылган. Эмгекте арабдардын Хоросан м-н Мавераннахрга жасаган жортуулдары, Араб халифатынын тарыхы, экономикасы ж-а мад-ты, аскер күчү, соода катнашы, салыктары тууралуу маалыматтар бар. О. Азиядагы түргөштөрдүн арабдарга каршы күрөшү, араб кол башчысы Кутейбанын Шаш м-н Испиджабга жасаган жортуулдары ж-а о. кылымдагы Түркстан аймагы тууралуу баалуу маалыматтар камтылган.

Ад.: Материалы по истории туркмен и Туркмении. Т. 1. М.; Л., 1939; Арабские источники VII–X веков по этнографии и истории Африки южнее Сахары. М.; Л., 1960.

КИТАЕВ Михаил Исаакович (1926-ж. т., Украина, Луганск обл., Комуннар ш.) – медицина илимд. доктору (1967), проф. (1968). КРдин илимге эмг. син. ишмери (1990). КММИни (1948), ошол эле ин-ттун аспирантурасын (1951) бүтүргөн. Кырг-н туберкулёз ИИИде (1951–65), Кыргыз ССР ИАнын Бийик тоо физиологиясы ж-а эксперименттик патология ИИИде (1965–75) ж-а Кыргыз Кардиология ИИИде лабор. башчысы болуп иштеген (1975–95). Иммунология ж-а патол. физиология б-ча адис. 50дөн ашык ил. эмгеги, а. и. 12 монография, 1 окуу китеби, 6 ойлоп табуусу бар.

Эмг.: Иммунология силикоза и силикотуберкулёза. Ф., 1968; Муколитическая система крови при туберкулёзе (в соавторстве). Ф., 1973; Иммуноаллергические реакции лейкоцитов при туберкулёзе. Ф., 1978; Иммунный гомеостаз в экстремальных природных условиях (в соавторстве). Ф., 1985.

КИТАКЮСЮ – Япониядагы шаар. Фукуока префектурасынын адм. борбору. Кюсю а-нын түндүгүндө, Мурасаки д-нын чатында жайгашкан. 1963-ж. Вакамацу, Кокура, Модзи, Тобата ж-а Явата ш-нын биригишинен пайда болгон. Калкы 1,0 млн (2009). Маанилүү жолдор тоому. К. аркылуу «Синкасен» жогорку ылдамдык т. ж-нун «Токайдо – Санъё» линиясы өтөт. «Кюсю» автострадасы аркылуу Кагосима ш. ж-а дүйнөдөгү алгачкы суу астындагы темир (1941) ж-а эки ярустуу автомобиль тоннели (1958) аркылуу (асылма көпүрөсү м-н; 1973) Симоносеки ш. м-н байланышат. Япониядагы эң ири порттордун бири (жылына 109,7 млн *т* жүк ташылат). Симоносеки, Мацуяма, Токусима, Кобе, Осака, Токио ш. ж-а Ульсан, Пусан (Түш. Корея) порттору м-н паром аркылуу катташат. Эл аралык аэропорту бар. Кара ж-а түстүү металлургия, кокс-хим., машина куруу (2000-жылдын 2-жарымынан өтө жогорку деңгээлде өнүгүүдө; з-ддору: «Toyota», «Nissan», «Daihatsu», «Mazda»; 2007-ж. 1 млн автомобиль чыгарылган), аскер, жеңил ж-а тамак-аш о. ж. ишканалары иштейт. Шаардын аймагынан көмүр казылып алынат. Кокура сепили (1602; 1990-ж. толугу м-н реставрацияланган), Мёкэн синтоисттик, Фукусю будда храмдары сакталган. Китакюсю ил.-из. паркы (1996; 9 ИИИ), ун-ттер, ин-ттар, музейлер бар. Жыл сайын Кокура Гион майрамы өткөрүлүп турат. Шаарга жакын Хираодай квази улуттук паркы (акиташтуу үнкүрлөрү м-н), ысык булактар бар.

КИТАРОВА Гүлжан Сапаровна (20. 8. 1961-ж. т., Казак ССРи, Ак-Төбө обл., Журун айылы) – медицина илимд. доктору (2006). Ташкент ш-ндагы О. Азия педиатрия мед. ин-тун (1984), СССР Медицина ИАнын Педиатрия ИИИде ординатураны (1990) бүтүргөн. Кырг-н мед. экология ж-а алдын алуу ИИИде жетектөөчү ил. кызматкер, аллергология бөлүмүнүн башчысы (1992–96), Кырг-н акушерлик ж-а педиатрия ИИИде улук ил. кызматкер, консультациялык поликлиниканын башчысы (1998–2001), башкы врачы (2001–04), Бишкек ден соолукту чыңдоо борборунун директору (2004), КР Саламаттык сактоо министрлигинин педиатрия б-ча башкы адиси (2005–08). 2008-жылдан Респ. саламаттык сактоону өнүктүрүү ж-а маалыматтар технологиялар борборунун директору. Педиатрия, аллергология ж-а иммунология б-ча адис. 44төн ашык ил эмгеги, а. и. монография, методикалык көрсөтмөлөрү бар. Саламаттык сактоонун отличниги.

Эмг.: Изолированные и сочетанные аллергические заболевание у детей. Б., 2006.

КИТЕП (ар. – жазма) – 1) көлөмдүү басылма; 2) маалыматты сактоонун, аны муундан-муунга өндүрүмдүү өткөрүп берүүнүн бир формасы. Илим-билим, мад-т, адабий-көркөм чыгармаларды жайылтуунун, сактоонун маанилүү каражаты. Ал коомдук мааниге ээ. Алгачкы китепти байыркы вавилондуктар, ассириялыктар ылай-



дан жасашкан. Алар жумшак ылай тактачага учтуу таякча м-н өзгөчө белгилерди чийип жазышкан. Андан кийин тактачаны кургатып, отко бышырышкан. Мындай ылай тактачалардан китептер түзүлгөн. Ал эми Кытайда алгачкы китептер бекем жипке кабатталып өткөрүлгөн жука бамбук тактачалар түрүндө болгон. Кийинчерээк кытайлар кыл калемди тушка малып, жибекке жазышкан. Байыркы Египетте таш такталарга чегип, К. жазышкан. Кийин алар папирусту ойлоп табышкан. Камыштын сөңгөгүн жалпайтып таптап, бири-бирине улаштырып, узундугу ондогон метрге жеткен тасма жасашкан. Жазуу жазылган мындай тасманы түтүк кылып ороп сакташкан. Египет папирусу ошол кездеги эң мыкты жазуу каражаты катары Байыркы Грекия м-н Римде да дээрлик 2 миң жыл пайдаланылган. Кийин Кичи Азиядагы Пергам падышалыгы учурунда (б. з. ч. 2-к.) жаңы жазуу материалы катары – айбанаттардын терисинен пергамент жасалган. Папирус м-н пергамент өтө кымбат болгондуктан, Байыркы Грекия м-н Римде аларды үнөмдөө үчүн адегенде мом чапталган тактачага учтуу таякча м-н жазышып, андан ки[illegible]гана папируска же пергаментке көчүрүшкө[illegible] эми о. кылымдарда К-ти пергамент бар[illegible]арынан жасалган дептерге кол м-н жазы[illegible]. Барактары бүктөлүп же бырышып ка[illegible]чүн дептерлерди эки жагына жыгач такт[illegible] бириктирип көктөшкөн. Жыгач тактаа[illegible]таары же кездеме м-н капташкан. Азыркы [illegible] билген К-тин алгачкы формалары мына у[illegible]тип пайда болгон. Бирок анын белгилүү 2 негизги тарыхый түрү бар: биринчиси – түрмөк (б. з. ч. 4–3-миң жылдыктар), кийин ал 2–4-к-дан кодекс м-н алмашылган. К. даярдоо б. з. ч. 7-к-да Египеттен Грекияга, андан Римге өткөн. 105-ж. кытай чебери Цой Лунь кагазды ойлоп тапкан. Алгачкы К. 11-к-да Кытайда пайда болгон. 13-к-дан Европада негизги жазуу материалы катары кагаз колдонулуп, 15-к-дан К. басылып чыга баштаган. Орустун байыркы кол жазма К-и 11-к-га таандык («Остромиров инжили», 1073, 1092 ж. б.). Кол жазма доорунда К. каллигр. өзгөчө сулуулугу м-н бааланып, К. басып чыгарууну көбөйтүүгө көңүл бурулган. 15-к-дын 40-жылдары Европада немис ойлоп табуучусу И. Гутенберг (Германия) эң жөнөкөй станок м-н К. чыгаргандан кийин К. тарыхында жаңы доор башталган. Ал 42 саптуу Библияны полигр. жол м-н басса, оюм-чийимди К-ке П. Шеффер (1457) биринчи түшүргөн. 1461-ж. А. Пфистер (Бамбергле) К-ти тактайга оюлган сүрөт м-н көркөмдөп, 15-к-дын 70–80-жылдары Э. Ратдольт (Венеция) К. басуу ишинде түрдүү боёк колдонгон. 15–16-к-да басмаканачылар үнөмдүү, кооз, окууга эптүү ариптерди издей баштаган (к. *Арип*). Россияда К. басууга И. Фёдоров ж-а П. Мстиславец биринчи жол ачып, 1564-ж. «Апостол» деген К-ти басып чыгарышкан. Орус К-ин басып чыгарууда агартуучу Н. И. Новиковдун (1744–1818) үлүшү чоң. 18-к-дын акырында кагаз машинасы, 19-к-дын башында басма машина, 2-жарымынан терип басуу машинасы колдонулган. Бийиктиги бир жарым метрге жеткен, бир адам көтөрө алгыс өтө чоң ж-а эң кичинекей «эргежээл» ж-а почта маркасындай болгон К-тер да бар. 20-к-дын башынан фототехниканын колдонулушу м-н К. басып чыгарууну механикалаштыруу кыйла өркүндөгөн. Тех. прогресс К-тин формасын ж-а таратуу жолдорун өзгөрттү: Интернетке жайгаштырылган ж-а компьютердин эсинде сакталуучу санариптүү К. фонддору пайда болду. Электрондук форматта жазылган К. электрондук К. (же е-китеп), ал эми аудиоформаттагысы аудиокитеп деп аталат. Учурда

Кырг-нда жылына миңге жакын аталыштагы К. басып чыгаруучу басмаканалар иштейт. К. басуу мезгил талабына ылайык, жаңы технологияны колдонуу м-н, б. а. компьютер аркылуу сапаттуу ж-а тез арада чыгарууга ыңгайлаштырылган, [illegible] *Басма иши.*

Ад.: *Баренбау[illegible] И. Е.* История книги. М., 1984; *Мак-Люэн М.* Г[illegible]ктика Гуттенберга – становление человека печата[illegible]его. М., 2005.

КИТЕП БАСУ[illegible] [illegible]к. *Басма иши.*

КИТЕПКАНА [illegible] басма сөз басылмаларын (*китеп, гезит, ж[illegible]нал* ж. б.) топтоону, сактоону ж-а коомдук п[illegible]далануунуу камсыз кылуучу мекеме. К. басмадан чыккан басылмаларды топтоо, сактоо, окурмандарга сунуш кылуу ж-а пропагандалоо б-ча иш алып барат, о. эле маалыматтык библиогр. иштерди жүргүзот. К. окурманга өз алдынча билим алууга, маданий деңгээлин жогорулатууга жардам берет. Иштөө ыкмасына жараша К-лар массалык, ил. ж-а атайын деп бөлүнөт. Массалык К-лар ад-ттарды тандоо ж-а окурмандардын кеңири чөйрөсүнө жеткирүү, багыт берүү ишин аткарат. Мындай иштерди айылдык ж-а шаардык К-лар жүргүзот. Ил. К-лар илим, мад-т ж-а эл чарба адистерин тейлейт, о. эле студенттердин, мугалимдердин муктаждыктарын канааттандырат. Буга мамл., акад., ун-ттик ж-а илимдин бардык тармагындагы К-лар кирет. Ал эми атайын К-га мис., техника, тех. ишкана, ИИИлер м-н ЖОЖдордун К-лары кирет. К-лар универсал, тармактуу ж-а көп тармактуу деп да бөлүнөт. К-лардын негизги багыты – китеп фондун комплекттоо, уюштуруу ж-а окурмандарды тейлөө. *Китепкана фонду, китепкана аралык абонемент, китепкана каталогу, китепкана таануу, китепканалык-библиографиялык классификация* ж. б. у. с. тейлөө ыкмалары бар. К-лар жазма мурастар сакталчу жай катары байыркы заманда эле пайда болгон. Кайра жаралуу доорунда (15–16 к.) Батыш Европада К. иши өзгөчө өнүккөн. Бирок ал кездеги К-ларда негизинен сейрек китептер гана сакталган. Россияда биринчи К-ны 1037-ж. Киевде София соборунда Ярослав Мудрый уюштурган. 11–12-к-да Новгороддо, кийин 18-к-да Россияда бир нече К. уюшулган. 15–17-к-да Москвада көптөгөн К-лар ачылган. Пётр Інин реформасы м-н 19-к-дын аягы – 20-к-дын башында Россияда К. иши ыкчам өнүккөн. 1917-жылдан кийин СССРде өзгөчө ылдам темпте өнүгө баштаган. 20-к-дын 70-жылдары К-нын саны Венгрияда 25 миң, Болгарияда 12 миң, Германияда 22 миң, Польшада 50 миңге жеткен. Ал эми Кырг-нда Октябрь ревясына чейин бир эле К. болсо, 2010-ж. 2001 массалык К. иштеп, *Кыргыз улуттук китепканасы* ж-а К. Баялинов атн. *Кыргыз Республикасынын балдар жана жаштар китепканасы* ири К. болуп эсептелет.

КИТЕПКАНА АРАЛЫК АБОНЕМЕ́НТ (КАА) – калкты китеп м-н тейлөөнүн түрү. Бардык эле китепканалар өзүндө жок китептерди окурмандардын суроолору б-ча башка китепканалардан убактылуу мөөнөткө сурап алууга акылуу. «СССРдин китепкана аралык абонементинин мамл. бирдиктүү курамы жөнүндөгү жобого» (1969) ылайык аймактык ж-а тармактык КАА уюштурулган. Кырг-нда КААнын мамл. бирдиктүү кызматын В. И. Ленин атн. респ. мамл. китепкана жетектеген. 2002-ж. КРдин жарандарды китепканалык-информ. тармактар б-ча тейлөөнү укуктук жактан камсыз кылуу ж-дөгү жобо кабыл алынып, бул ишти *Кыргыз улуттук китепканасы* ж-а жалпы элдик китепканалар аткарат. Учурда интернет аркылуу атайын электрондук каталогдор ачылган. Окурман каалаган китебин оңой таап ала алат.

КИТЕПКАНА КАТАЛОГУ – китептердин китепканалардагы тизмеси. К. к. китеп казынасында кандай китептер бар экенин тактап билүүгө, аларды тандап окууга көмөк берет. К. к. китеп окуучу ж-а жумушчу деп экиге бөлүнөт: окурман өзү издеген китеп кайсы жерде жайгашканын сурап алат ж-а китепканадагы бардык китептердин тизмеси кирет. Материалдардын бөлүнүшүнө жараша каталогдор системалык ж-а предметтик, алфавиттик, номерлүү ж. б. болуп ажыратылат. С и с т е м а л ы к ж-а п р е д м е т т и к каталогдо китептерге жазылган карточкалар илимдин тармактары б-ча бөлүнүп, алфавит тартибинде жайгашат. А л ф а в и т т и к каталогдогу карточкалар китеп авторлорунун атыжөнү ж-а китептин өзүнүн аталышы алфавит тартибинде берилет, н о м е р л ү ү каталогдо карточкалар китепке берилген номерлер б-ча орун эзлейт. Кырг-ндын респ., обл., шаардык ж-а райондук китепканаларында алфавиттик ж-а системалык К. к. уюштурулган.

КИТЕПКАНАЛЫК-БИБЛИОГРАФИЯЛЫК КЛАССИФИКА́ЦИЯ – китеп, журналдардын (же айрым документтердин) мазмуну, басылуу формасы, окурмандарга багытталышы ж. б. касиетине карай класска бөлүнүп иреттелиши. Мазмунуна карата К.-б. к. универсал ж-а тармактык деп бөлүнөт. К.-б. к. системалык каталогдун ж-а библиогр. карточкалардын түзүлүшүнө жараша болот.

КИТЕПКАНА ТААНУУ – коомчулук тарабынан китептерди пайдалануунун максатын, принциптерин, мазмунун, системасын ж-а формаларын изилдөөчү илим тармагы. Анын негизги бөлүмдөрү: жалпы К. т. (китептерди коомдук пайдалануу ишин уюштуруу маселелерин карайт); *китепкана фонду; китепкана каталогу;* окурмандар м-н иштөө, китепкана ишин уюштуруу; китепкана ишинин тарыхы. К. т-нун негизги милдети – китепкана ишинин өнүгүү мыйзам ченемин изилдөө.

КИТЕПКАНА ФОНДУ – *китепканадагы* белгилүү санда топтолгон ад-ттар; китептердин саны ж-а сапаты, анын уюштурулушу, сакталышы, илимдин түрдүү тармактарына бөлүнүшү, о. эле окурмандарга берилиши, ад-ттардын колдон колго өтүшү сыяктуу иштерди аткарат. К. ф. китепкананын аткарган милдетине ж-а К. ф-нун мазмунуна жараша универсал ж-а атайын деп бөлүнөт. Универсал К. ф. чоң китепканаларда, ал эми атайын К. ф. өндүрүштүн, илимдин тигил же бул тармагынын китепканасында топтолот. К. ф. мезгилдин талабына ылайык жаңы чыккан ад-ттар м-н дайыма толукталып, классификацияга салынып, илим тармактарына бөлүнөт, китепканалык текчеде классификациялык таблицада жайгашат. К. ф. китеп сактай турган бөлүмү бар китепканаларда же (андай бөлүмү жокторунда) тейлөө бөлүмүнүн алдында болот.

КИТЕП ТААНУУ, библиология – *китеп* ж-дөгү комплекстүү илим. К. басма сөз басылмаларынын жаралуу ж-а пайдаланууп процесстерин изилдейт. К. т. илими китеп тарыхын, басма ишинин теориясын, методикасын ж-а уюштурулушун, китеп соодасын, *китепкана* ж-а библиогр. иштерди камтыйт. К. т. китеп ишин өнүктүрүүгө ил. багыт берет, аны башка илимдер *(адабият таануу, социология, психология, илим таануу, педагогика, информатика, статистика)* аркылуу жаңы ыкма м-н байытат. Китептин тарбиялык, окуу, ил.-тех., маданий процесстеги ж-а эл аралык мамиледеги ролун ар бир тарыхый мезгилге шайкештигин ырастап турат. К. т. китептин коомдогу аткарган кызматын арттырууга шарт түзөт.

Ад.: *Иоффе А. М., Сбитнева А. А.* Книговедение и история книги. М., 1989; *Мигонь К.* Наука о книге. М., 1991.

КИТЕПТИН АРХИТЕКТОНИКАСЫ (гр. architektonikė – курулуш өнөрү) – китепти түзүп чыгуу; анын бардык элементтерин: текстин, сүрөттөрүн ж. б. кооздолушун ойлонуштуруп, аны иреттештирүү ж-а көркөмдөп кураштыруу жыйындысы.

КИТЕП ШИФРЫ – китептин тиешелүү ордун көрсөтүүчү китепканалык шарттуу белги. К. ш. сан м-н да, сан ж-а тамга м-н да белгиленет. Ар бир китепке өзүнчө шифр берилет. Шифрдин жеке түрүндөгүсү китептерди инвентардуу, форматтуу ж. б. түрдө, топтор үчүн шифрлер китептерди алфавиттүү, системалык-алфавиттүү жайгаштырганда колдонулат.

КИТ КАРМОО ЧАРБАЧЫЛЫГЫ – океан, деңиздерде кит (финвал, кашалот ж. б.) уулаган балык уулоо тармагы. Киттин майы тамак-ашка, самынга, териси жеңил ө. ж. тармагына пайдаланылып, этинен консерва, белоктуу концентрат ж. б., боорунан витамин, дары-дармек жасалат. Кашалоттун амбрасы м-н спермацети парфюмерия ө. ж-нда керектелет. К. к. ч. Түн. Муз океанында 17-к-да гренландия китин (уз. 20 *м*, салмагы 100 *т*) ан уулоодон башталган. 1904-ж. Антарктика сууларында кит уулоо башталып, кармалуучу киттердин саны 1910-ж. 12 миң баш, 1962-ж. 66 мин башка жеткен. 1967-ж. Антарктика сууларында совет ж-а япон кит уулоочу кемелери 24 мин кит (негизинен кашалот, финвал, сейвал) кармаган. Мындай ишаракет Дүйнөлүк океанда [illegible]кердин айрым түрүнүн кескин кыскарышына алып келген. Мис., кит уулоого чейин көк [illegible]кердин саны 30 миң (азыр болжолдуу 1,6 мин), финвал – 100 миң (7 мин), өркөчтүү (бүкүр) [illegible] - 80 миң (1,5 мин) ж. б. Ошондуктан эл аралык кит уулоо комиссиясы айрым кит түрлөрүнө көк китти (1965), финвалды (1976), сейвалды (1978), кашалотту (1980) ж. б. уулоого тыюу салган. 1970-жылдан болгону кидик жаян киттерди (саны болжолдуу 60 миңдей) уулоо гана уланууда. Кызыл китепке гренландия кити (болжолдуу саны 3000ге жакын), өркөчтүү (бүкүр) кит, финвал, көк кит, сейвал кирген. 1972-жылдан кит кармоого эл аралык көзөмөл белгиленген.

КИ́ТО – Эквадор Респ-нын борбору, шаар. Пичинча провинциясынын адм. борбору. Түш. Американын түн.-батыш бөлүгүндө, экватордон 25 *км* түштүктө, тоо аралык Сьерра-де-Эквадор



Шаардын жалпы көрүнүшү.

дөбөлүү ойдунунда, деңиз деңг. 2818 *м* бийиктикте, аракеттеги (акыркы жолу 1999-ж. атылган) Пичинча жанартоосунун этегинде, Панамерика шоссесинин боюнда жайгашкан. К-го жакын 8 жанартоо (Котопахи, Антисана, Каямбе ж. б.) бар. Шаардын экол. абалына жанартоодон атылып чыккан күл тескери таасирин тийгизет. Калкы 1,6 млн (2008); калкынын саны б-ча өлкөдөгү 2-шаар. Эл аралык аэропорту бар. Т. ж. аркылуу Тынч океандын жээгиндеги Гуаякиль, Эсмеральдас порттору ж-а автострада аркылуу Лима (Перу), Санта-Фе-де-Богота (Колумбия) шаарлары м-н байланышат. Метрополитен курулууда (2008). Испандар тарабынан 1534-ж. негизделген. Испаниянын эзелги мезгилинде Кито обл-нун, 1830-жылдан Эквадордун борбору. Калкынын 76%и тейлөө чөйрөсүндө эмгектенет. К-да чет өлкөлүк ж-а ири банктардын, нефть компанияларынын штаб-квартиралары жайгашкан. Текстиль (жүн жип, кездеме), жеңил, машина куруу, металл иштетүү (цистерна, нефть ж-а газ сактоочу баллондор), хим. (тиричилик химикаттары), жыгаччылык (паркет, жыгач эшиктер[illegible]камак-аш–татымал, булгаары–бут кийим ж. б.[illegible] ж. ишканалары иштейт. Экватордун ил. [illegible] маданий борбору. Эки ун-т, тил академиясы (1874), Аскер география ин-ту (1950; алдында[illegible]узей бар), аялдар коллежи ж-а пед. ин-т, [illegible]ттук политех. мектеби, журналисттерди даярдоочу Латын Америка борбору, улуттук музыка академиясы, музейлер (тарых, археол., этногр. ж. б.), мамл. эмес ЖОЖ (а. и. католик ж. б.), театр, китепканалар, сүрөт галереясы, обсерватория бар. Өкмөт үйү жайгашкан. Чиркөөлөр, собор, монастырлар сакталган. Шаардын тарыхый бөлүгү *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген. Ботан. бак (Түш. Американын экзотикалык флорасы өстүрүлөт) уюштурулган. Жер титиреөдөн (1660, 1797, 1868, 1987, 2006) бир нече жолу жабыркаган.

КИТС Жон (31. 10. 1795, Лондон – 23. 2. 1821, Рим) – англ. акын. Романтикалык лириканын ири чебери, англис ж-а европа ад-тында эстетизмдин баштоочуларынын бири. Тунгуч ырлар жыйнагы 1817-ж. жарык көргөн. Ал «Эндимион» (1918) аттуу патриархалдык-утопиялык идиллиясында пуритандык митаам такыбасынуулукка каршы нааразылык билдирет. К. – табияттын кооздугуна арналган «Күзгө», «Психеяга» одаларынын, «Гиперион» (1820) деген аллегориялык поэманын ж-а «Ламия», «Изабелла» поэмаларынын автору.

КИТ СЫМАЛДАР (Cetacea) – сууда жашоочу сүт эмүүчүлөр түркүмү. К. с-дын дене уз. 1,1 *м*ден 33 *м*ге, салмагы 30 *кг*дан 150 *т*га чейин жетет. Дайыма сууда жашоого ыңгайланышкан. Денеси сүйрү, кош калактуу куйругу түз (горизонталдуу). Тери астындагы май катмары калың, жылуулукту сактайт. Жүнү, тери бездери, артқы буттары ж-а жамбашы жоголуп кеткен (редукцияланган). Типтүү жыт билүү органы жок, бирок хеморецепциясы ж-а угуусу жакшы өөрчүгөн. Алдыңкы буттары – көкүрөк сүзгүчтөрү же калакчалары жалпак, 4–5 манжалуу. Мурун тешиги бирөө же экөө, төбөсүндө жайгашкан, дем алууда ж-а дем чыгарууда гана ачылат, көзү кичине, жаш бездери жок. Азыгын бүтүн бойдон жутат. Шилекей бездери жок. Карынысы татаал, 8–14 бөлүмдөн турат. 2 түркүмчөсү (муруту чоң ж-а тиштүү киттер) белгилүү. Мурутчан ж-а тишсиз К. с-дын 3 тукуму (жылмакиттер, чаар киттер ж-а боз киттер), тиштүү К. с-дын 4 тукуму (кашалоттор, тумшуктуу киттер, дельфиндер ж-а дарыя дельфиндери), 38 уруусу, 80ге жакын түрү бар. КМШ өлкөлөрүнүн сууларында 25 уруусу, 32 түрү кездешет. Алар Арктикадан Антарктикага чейинки дүйнө океандарында тараган. Булчундарында миоглобиндин болушу, кычкылтек резервин түзүүгө ж-а суу астында узакка чейин болууга (бир сааттан ашык) мүмкүндүк берет. Айрымдары жер ооп жашайт – жайында муздак сууда семирет (май топтойт), ал эми кышында жылуу сууда көбөйөт. Жер которгону белгилөө же эн салуу м-н аныкталат. Муруттуу киттердин 5–10 миң *км* аралыкка барып, бирок ар качан экватордон ары өтпөгөндүгүн ж-а жыл сайын ошол эле аймакка кайта келери аныкталган. Тиштүү киттер – балыктар, баш буттуу моллюскалар м-н, муруттуу киттер негизинен планктон, рак сымалдар м-н азыктанат. Көбүнчө моногамдар. 2–6 жашында жыныстык жактан жетилет. Көпчүлүгү 1 жылга жакын көтөрүп, 2 жылда бир жолу бирден тууйт. Ургаачысынын жыныс жылчыгынын каптал жагында 2 упчусу болот. Атайын булчундардын жыйрылуусу м-н сүт баласынын оозуна бүркүлөт. Баласын сүт м-н 4 айдан (майда дельфиндер) 1 жылга чейин (кашалоттор) багат. 30–50 жыл жашайт. Көпчүлүк К. с-дын саны азайып, көптөгөн популяциялары (өзгөчө чоң киттердин) жоголуп кетүү чегинде болгондуктан, 18 түрү ж-а 1 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.



Кит сымалдар: 1 – гренландия кити; 2 – боз кит; 3 – бүкүр кит; 4 – кичине темгил кит.

КИФО́З, к. *Бүкүр.*

КИЧИ А́ЗИЯ – Азиянын батышындагы жарым арал, Түркиянын көп бөлүгүн ээлейт. Кара, Мрамор, Эгей, Жер ортолук деңиздери, Босфор ж-а Дарданелл кысыктары м-н чулганат. Аянты 400 миң *км*²дей. Түн. ж-а түш. жээктери түзөн, батыш жээги булуң-буйткалуу. Жарым аралдын көп бөлүгүн *Кичи Азия тайпак тоосу* ээлейт. Жээк бойлой айрым ойдундар созулуп жатат, аларда жер ортолук деңиздик өсүмдүктөр басымдуу.

КИЧИ А́ЗИЯ ТАЙПАК ТООСУ *Кичи Азия* ж. а-нан орун алган, Түркияда. Уз. 1200 *км*дей, туурасы 600 *км*ге чейин. Басымдуу бийикт. 800–1500 *м*. Ички болүгүн *Анадолу бөксө тоосу*, түндүгүн *Понт тоолору*, түштүгүн *Тавр тоолору* ээлейт. Эң бийик жери 3916 *м* (Эржияс жанртоосу). Чыгышынан Армян тайпак тоосуна, батышында Кичи Азия ж. а-нын батыш бөлүгүндөгү кырка тоолорго өтөт. Ички аймактарында жарым чөл ж-а талаа өсүмдүктөрү басымдуу, тоолордун сыртка караган капталдарында токой ж-а жер ортолук деңиздик бадалдар өсөт.

КИЧИ АК-СУУ – Ысык-Көлгө куйган суу. Ысык-Көл р-нунда. Уз. 34 *км*, алабынын аянты 192 *км*^{2}. Күнгөй Ала-Тоонун түш. капталынан башталып, кууш өрөөн аркылуу агат. Алабы карагайлуу. Ири куймалары: Желе-Карагай, Сүттүү-Булак. Алабында 3 көл бар. Негизинен моңгү, кар ж-а булактан куралат. Жылдык орт. чыгымы 2,97 *м*^{3}/*сек*. Байкалган эң көп чыгымы 31 *м*^{3}/*сек*, эң азы 0,22 *м*^{3}/*сек*. Апрелде кире баштап, ноябрда тартылат. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Семёновка, Кожояр кыш. жайгашкан.

КИЧИ АК-СУУ КОРУКЧАСЫ – Ысык-Көл р-нундагы мамл. токой корукчасы (заказниги). Күнгөй Ала-Тоонун түш. капталында, Семёнов капчыгайын ээлейт. Аянты 100 *га*. Табигый шартта жакшы ж-а жыш оскон теңир-тоо карагайын коргоо максатында 1977-ж. уюшулган.

КИЧИ АЛАЙ КЫРКА ТООСУ Түш. Теңир-Тоодо, Алай кырка тоосунун тармагына кирет. Ноокат р-нунун аймагында. Исфайрам-Сай ж-а Ак-Буура сууларынын аралыгында батыштан чыгышты карай 78 *км*ге созулуп жатат. Туурасы 20 *км*. Орт. бийикт. 4600 *м*, эң бийик жери 4933 *м* (Уларлы чокусу). Тоонун батышы Кичи Алай, чыгышы (Чогом ж-а Коргон сууларынан тартып Ак-Буурага чейин) Олокон-Тоо деп аталат. Кичи Алайдын кыры аска-зоокалуу, моңгулуу (Тегирмеч, Гезарт, Агарт, Карагой, Кашка-Суу ж. б.); моңгунун этегинде кол көп кездешет. Олокон-Тоодо моңгу жокко эсе. Тоонун түш. капталдары Кичи Алай ороонун карай тик түшөт, кокту-колоттуу, терең капчыгайлуу. Түн. капталдары жазы, Кербен – Кок-Жар, Ноокат ороондорун карай жантайыңкы. Түн. капталында уз. 20–25 *м* келген Жоожатты (бийикт. 4048 *м*), Ярунтуз (3670 *м*), Жузан (3273 *м*), Алтын-Казык (3328 *м*) тоолору кендик багытында созулуп жатат. Батыш болүгү гранит-диорит, гранит, сиенит-диорит интрузия тектеринен, чыгыш жапыз болүгү сланец, кумдук, катмарланган кремний, диабаз, акиташ теги, кремнийлүү сланец, алевролит тоо тектеринен турат. Таш көмүр ж. б. кендер бар. Тоодон Исфайрам-Сай, Ак-Буура сууларынын куймалары, Абшыр-Сай, Араван-Сай суулары башталат. Түш. капталдарына талаа ж-а сейрек токой-бадалдуу-шалбаалуу талаа, түн. капталдарына талаа ж-а шалбаалуу талаа (2300 *м*ге чейин), оскүлөң чөптүү шалбаа, бадалдуу арча токой (2300–3000 *м*), субальп ж-а альп шалбаасы (3000–3400 *м*), андан жогорку гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Чарбачылыкта жайыт, жапыз болүктөрү чабынды [illegible]ары пайдаланылат. 2500 *м* бийикте, Маза[illegible]ундө КР УИАнын Арча токоюн изилдөө [illegible]анциясы бар.

КИЧИ АЛАЙ ӨРӨӨ[illegible] түштүгүнөн Алай, түндүгүнөн Кичи Алай [illegible]а тоолору м-н чектешет. Исфайрам сууск[illegible] жогорку болүгүндө кендик багытта созулуп [illegible]ат. Ноокат р-нунун аймагында. Уз. 50 *км*дей, [illegible]урасы 1–2 *км* чамасында. Таманынын деңиз деңг. бийикт. баш жагында 3640 *м*, ортосунда 2360 *м*, аягында 1660 *м*. Капталдары тик, батышты карай жантайыңкы. Тар капчыгайлар, кум шагылдуу жалпак беттер, корумдуу ойдундар, байырлуу моренолар кеңири таралган. Негизинен палеозойдун гранит, акиташ тектери басымдуу. Климаты континенттик, январдын орт. темп-расы –10... –15°С, июлдуку 10–13°С. Өрөөн аркылуу Исфайрам, Шибе суулары агып өтөт. Өрөөндү курчаган тоолор моңгулүү. Негизинен бадалдуу шалбаалуу талаа (2600–2900 *м*), бадалдуу шалбаалуу токой (2300–3000 *м*), субальп (2500–3200 *м*), альп шалбаа (3200–3600 *м*) ландшафттары мүнөздүү. Арча токойлуу. Суу бойлорунда чычырканак, ал, терек, кайың ж. б. өсөт. Жайыт.

КИЧИ БҮЛӨӨЛУ – Ош обл-нун Алай р-нундагы кыштак. Бүлоолу айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 2120 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 38 *км* түш.-чыгыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 120 *км*. Калкы 1000ге чукул (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү, клуб, ФАП бар.

КИЧИ БҮРГӨНДҮ – Жалал-Абад обл-нун Ноокен р-нундагы кыштак. Бүргөндү айыл округуна караштуу. Кишен суусунун боюнда, деңиз деңг. 560 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Масы кыш-нан 21 *км* батыш тарапта. Үч-Коргон т. ж. бекетинен 27 *км*. Калкы 1001 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Кыштак аркылуу «Достук» сугат каналы өтөт.

КИЧИ ЖАНА ЧОҢ БАРСУК ЧӨЛДӨРҮ, Б а р с у к ч ө л д ө р ү – Казакстандагы кумдуу чөлдөр. Арал деңизинин түндүктү карай субмеридиан багытында созулуп жатат. Чоң Барсуктун уз. 200 *км*дей, Кичи Барсуктуку 100 *км*дей. Бийикт. 100 *м*ге чейин. Кум сапырылып учуп, добо, жалча, бархандарды пайда кылат. Тегиз жерлеринде ксерофиттүү бадалдар, баялыш ж-а эфемер өсүмдүктөрү, добо, жалчаларынын аралыгында жузгун, кум акациясы, кандыма ж. б. өсөт.

КИЧИ ЖАРГЫЛЧАК – Ысык-Көл обл-нун Жети-Өгүз р-нундагы кыштак. Жаргылчак айыл округуна караштуу. Ысык-Көлдүн түш. жээгинде, Кичи Жаргылчак суусунун сол өйүзүндө, Бишкек – Каракол автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1649 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кызыл-Суу кыш-нан 31 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 160 *км*. Калкы 2494 (2007); негизинен мал м-н алектенет жана карагат теришет. Орто мектеп, китепкана, [illegible]а бакча, мад-т үйү ж. б. бар.

КИЧИ ЖЕР Т[illegible]ДРАСЫ – Печора д-нын төмөнкү агымы [illegible]н Индига д-нын аралыгындагы аймак, Россиянын Ненец улут округунда. Рельефи түзөң, Баренц деңизин бойлой 60–80 *м* бийиктеги тектирчелер, борб. болүгүндө майда добо-донсоолүү морена түздүктөрү, айрым жерлеринде бийикт. 140–180 *м*ге жеткен донсоолор ж-а жалчалар бар; негизгиси Ненец жалчасы, бийикт. 140 *м*ге чейин. Сулла, Сойма ж-а Индига д-нын алаптары өтө саздуу. Антропогендик деңиз ж-а континенттик чөкмөлөрдөн түзүлгөн. Көлү көп, ирилери – Урдюж, Индига ж. б. Климаты катаал, кышы узак, январдын орт. темп-расы –16... –17°С, жайы кыска, салкын, июлдуку 8°С (түн.), 12°С (түш.). Жылдык жаан-чачыны 300–350 *мм*. Бадалдуу ж-а эңилчектүү тундра басымдуу. Негизги чарбасы – бугу багуу, балык кармоо, аңчылык кылуу.

КИЧИ ЖЕТИГЕН (лат. Ursa Minor) – асмандын Түн. жарым шарындагы уюлга жакын жаркырак жылдыздар тобу. Эң жарык жылдыздары чөмүчкө окшош фигураны түзүп, сабынын учундагы четки жылдызы – *Алтын казык*, ал дүйнөнүн Түн. уюлуна жакын жайгашкан. О. эле чөмүчтүн башындагы эки жарык жылдыздын бири β Кохаб – Жерден болжол м-н 95 жарык жылы аралыкта, экинчиси γ Ферхад ж-а анын жандоочусун (Астеризм) куралсыз көз м-н көрүүгө болот.

КИЧИ ЗОНД АРАЛДАРЫ Малайя архипелагынын түш. бөлүгү, негизинен Индонезиянын курамында. Инди океаны, Бали, Флорес, Банда, Саву, Тимор деңиздери м-н чулганат. Ири аралдары: Бали, Сумба, Сумбава, Флорес, Тимор. Уз. 1300 *км*дей, аянты 128 мин *км*^{2}. Тоолуу рельеф басымдуу; жанартоолор да көп (бийикт. 3726 *м*ге чейин, Ринжани жанар тоосу). Климаты субэкватордук, муссондук. Жалбырагы күбүлмө тропиктик токой ж-а саванна өсөт. Шалы, татымал өсүмдүктөр, кокос пальмасы өстүрүлөт; балык кармалат.

КИЧИ ИШКАНА, к. *Чакан ишкана*.

КИЧИ КАВКА́З – Закавказьедеги бүктөлүүдөн пайда болгон кырка тоо тармактары. Чоң Кавказдан Колхида ж-а Кура ойдундары аркылуу болүнүп, ага жарыш 600 *км*ге созулуп жатат. Эң бийик жери 3724 *м* (Гямыш чокусу). К. К-га Месхети, Триалети, Сомхети, Мургуз, Шахдаг, Мировдаг, Карабах ж. б. кырка тоолор кирет. Түн. капталында жазы ж-а ийне (батыш болүгүндө) жалбырактуу токой өсөт.

КИЧИ КАРАКОЛ – Ош обл-нун Алай р-нундагы кыштак. Үч-Добо айыл кеңешине караштуу. Деңиз деңг. 2355 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 62 *км* түш.-батыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 130 *км*. Калкы 1234 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, ФАП бар.

КИЧИ КАРА-КУЖУР (ОТТУК) ӨРӨӨНҮ Ортонку Нарын ойдунунун түн. тарабында, Кичи Кара-Кужур (Оттук) суусунун алабында жайгашкан. Нарын р-нунун аймагында. Уз. 50 *км*. Деңиз деңг. бийикт. 2200–3000 *м*. Жогорку болүгүндө тайпак грабен өрөөнү; Ак-Таш тоосу м-н Байдулу тоосунун аралыгында кендик багытта созулуп жатат (уз. 15 *км*); капталдары улам жогорулаган сайын (чыгышка) айдоң болуп кетет; башы жапыз кайкы аркылуу Солтон-Сары ороонү (Он-Арчанын алабы) м-н туташат. Долон ашуусу тушта Байдулу тоосун кесип өткөн антецедентик капчыгай (уз. 5 *км*). Кара-Үнкүр айылынан төмөн өрөөн (уз. 20 *км*ге жакын) бир аз кеңийт (500–600 *м*ге чейин). Төмөн жагында (3 *км* аралыкта) капталдары тик, таманы кууш (100–150 *м*) антецедентик өткөөл капчыгайды пайда кылат. Андан төмөн (10 *км* аралыкта) тоо этегине чыгат да бир аз кеңейип (500–800 *м*ге чейин), адырлуу тилкеге өтөт. Климаты мелүүн континенттик, январдын орт. темп-расы –12°С, июлдуку 11°С. Жылдык жаан-чачыны 350 *мм*. Суулары: Оттук, Он-Арча ж. б. Негизинен талаа ж-а шалбаалуу талаа, бадалдуу карагай токою, субальп, альп шалбаалуу талаа, чөл ландшафты басымдуу. Жайыт, чөп чабынды; төмөнкү болүгүндө арпа, тоют өсүмдүктөрү айдалат. Өрөөндө Оттук, Казан-Куйган, Кара-Үнкүр кыш. жайгашкан. Бишкек – Торугарт автомобиль жолу өтөт.

КИЧИ КЕМИН – Чүй д-нын оң куймасы. Кемин р-нунда. Иле Ала-Тоосунун түш. капталынан башталып, түш.-батышты карай адегенде Ак-Түз капчыгайы, андан төмөн Кичи Кемин ороонү аркылуу агып, Чүй д-на жетпей сугатка болүнүп кетет. Уз. 81 *км*, алабынын аянты 614 *км*^{2}. Жогорку болүгүндө кууш өрөөн м-н агып, ортонку агымында сайы кеңийт. Жылдык орт. чыгымы 2,10 *м*^{3}/*сек*. Эң көп чыгымы 8,63 *м*^{3}/*сек* (июль), эң азы 0,46 *м*^{3}/*сек* (февраль). Ири куймалары: Кертабылгы (19 *км*), Сасык-Булак (15 *км*). Жээгинде Ак-Түз шаарчасы, Ильич, Жаңы-Жол, Кичи Кемин, Боролдой кыш. жайгашкан.

КИЧИ КЕМИН – Чүй обл-нун Кемин р-нундагы кыштак. Кичи Кемин айыл округуна караштуу. Кичи Кемин суусунун сол өйүзүндө, Бишкек – Ак-Түз жолунун боюнда, деңиз деңг. 1600 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кемин шаарчасынан 20 *км* түн.-чыгыш

тарапта. Кыштак 1921-ж. негизделген. Калкы 2813 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, бала бакча бар. Үйбүлөлүк врачтар тобу, соода түйүндөрү, турмуштиричилик кызматынын бөлүмдөрү иштейт.

КИЧИ КЕМИН ӨРӨӨНҮ Чүй ойдуңунун чыгышында, Кемин ж-а Кастек тоолорунун аралыгында. Кемин р-нунда. Аянты 160 *км*², уз. 20 *км*, туурасы эң кенен жеринде 12 *км*, бийикт. 1450–1700 *м*. Орто бөлүгү түзөң, батышы кашаттуу түздүк (кашаттардын бийикт. 50–80 *м*). Негизинен плейстоцендин шиленди (аллювий, пролювий) тегинен турат. Жогорку бөлүгү кууштап Ак-Түз капчыгайына өтөт. Климаты континенттик (к. *Чүй ойдуңу*), жайы жылуу, кышы анча катаал эмес. *Кичи Кемин* суусу агат. Топурагы кара күрөң келип, талаа өсүмдүктөрү басымдуу. Тоо беткей тулаң чөп ж-а шалбаалуу талаа, шалбаалуу бадал токой ландшафттары кезигет. Өрөөндүн таманы айдоо аянтына айланган. Дан эгин, кызылча, картөшкө эгилет. Өрөөндө Боролдой, Ильич, Жаңы-Жол, Кичи Кемин, Кара-Булак, Бейшеке кыш., Ак-Түз шаарчасы жайгашкан. Өрөөн аркылуу Бишкек – Ак-Түз автомобиль жолу өтөт.

КИЧИКУЛ ТУЗ КЕНИ Нарын обл-нун Жумгал р-нунда, Чаек кыш-нан 15 *км*, дениз деңг. 1900–2100 *м* бийикте. Неоген мезгилиндеги туздуу свитанын арасында, глауберит минералы бар линза сымал катмарча. Глаубериттүү текте натрий сульфатынын өлчөмү 19,74–24,72%. Катмарчанын калыңдыгы 35–40 *м*, кээ бир жерде 10,5 *м*ге чейин жукарып, 1700 *м*ге созулуп жатат. Туздуу свита бордуу. Бордун үч оксидинин өлчөмү 0,65%ти түзөт; булак сууларынын кургак калдыгында бордун өлчөмү 48,7–238,1 *мг/л*. Натрий сульфатын экон. арзан ыкма м-н ажыратуу технологиясын иштеп чыкса, кен хим. ө. ж-дын сырьё базасы боло алат. Тамак-ашка колдонууга жарабайт. Мал жесе болот. Болжолдуу ресурсу 47 миң *т*.

КИЧИ КЫЗЫЛ-СУУ – Тескей Ала-Тоонун чыгыш бөлүгүнүн түн. капталынан агып түшкөн суу. Ысык-Көлдүн куймасы. Жети-Өгүз р-нунда. Уз. 37 *км*, алабынын аянты 139 *км*². Суу куралуу аянтынын орт. бийикт. 2930 *м*. К. К.-С-га уз. 21 *км* болгон 9 суу куят. Көп жылдык орт. чыгымы 1,25 *м*³/*сек*. Май–сентябрь айларында кирип, октябрь–апрель айларында тартылат. Июль айы сууга мол (орт. чыгымы 3,2 *м*³/*сек*), декабрь – февралда сууга өксү (0,4 *м*³/*сек*) болот. Эң көп чыгымы 45 *м*³/*сек*, эң азы 0,08 *м*³/*сек*. Декабрдын ортосунда муз каптап, марттын аягында ачылат. Муздун калыңдыгы 25–40 *см*ге жетет. Сугатка пайдаланылат. К. К.-С-дан 3 *м*³/*сек*-га жакын суу өткөрүүчү 8 канал чыгарылган. Өрөөнүндө Кызыл-Суу кыш. жайгашкан.

КИЧИ НАРЫН – Ички Теңир-Тоодогу суу. Тоң ж-а Нарын р-ндорунун аймагында. Жетим-Бел кырка тоосунун түн. капталындагы мөңгүлөрдөн башталат. Уз. 144 *км*, алабынын аянты 3870 *км*². Башталышында Буркан деген ат м-н батышка агып, Үч-Эмчек кошулгандан кийин Балгарт аталып, ал Жылаңач м-н кошулуп Кичи Нарынды түзөт. Кууш ж-а терең капчыгай м-н агып, Кашка-Суудан кийин түштүккө бурулат. Нура ж-а Жетим кырка тоолорун кесип өтөт. Капчыгайдан кийин ка[illegible]туу өрөөн м-н Чоң Нарынга кошулуп, Н[illegible]д-н түзөт. Нугунда босоголор көп. Кара-С[illegible]чатында бир аз салааларга бөлүнөт. [illegible]к орт. чыгымы 43,0 *м*³/*сек*. Эң чоң ч[illegible] 205 *м*³/*сек* (июль), эң азы – 4,33 *м*³/*сек* ([illegible]). Алабында 20дай көл бар. Ири куймал[illegible]ч-Эмчек, Кара-Саз, Кара-Калак, Эгиз-Төр, [illegible]-Күнгөй (оң); Ай-Көл, Жаман-Эчки, Ар[illegible], Жылаңач (сол). Өрөөнү Тоң ж-а Нарын р-ндорунун жайыты.

КИЧИ НАРЫН КАПЧЫГАЙЫ Ички Теңир-Тоодо. Капка-Таш, Нура, Жетим тоолору м-н курчалат. Нарын р-нунун аймагында. Балгарт ж-а Жылаңач сууларынын кошулушунан Кичи Нарындын чатына чейин 45 *км*ге созулат. Таманынын жазылыгы баш жагында 500–700 *м*, орто жеринде 1,5–2,0 *км*, төмөнкү бөлүгүндө 2,5–3,0 *км*; эң кууш жери 200–300 *м* (Сары-Күнгөй ж-а Жол-Жакшы суулары куйган аймакта); дениз деңг. бийикт. 2350–2490 *м*. Капталдары Борду, Сары-Күнгөй ж-а Жол-Жакшы, Чыргайлы (оң куймалары), Кашка-Суу, Оорук-Там, Ат-Жайлоо, Калмак-Ашуу, Улан (сол куймалары) суулары ж-а алардын кокту-колоттору м-н тилмеленген. Чоң Нарынга чыга берген жеринде бир нече тектир бар (айрымдарынын туурасы 800 *м*ге чейин). Капчыгайдын таманынан тоолордун кырына чейинки салыштырмалуу бийикт. 1500–2000 *м*. Таманы палеоген, неогендин конгломерат, кумдук, алевролит ж. б., капталдары девон м-н ордовиктин акиташ теги, доломит, сланец, кумдук тоо тектеринен түзүлгөн. Аларды айрым жерлерде гранит, гранит-диорит интрузиялары жиреп чыккан. Климаты континенттик, январдын орт. темп-расы –19°С, июлдуку 10°С, жылдык жаан-чачыны 350 *мм*. Талаа (2500 *м* бийикке чейин), бадал аралашкан шалбаалуу талаа (2500–2600 *м*), андан жогору субальп ж-а альп шалбаалуу талаа ж-а шалбаа ландшафттары басымдуу. Жайыт.

КИЧИ НЕФУ́Д, Д е х н а – Араб ж. а-нын борб. бөлүгүндөгү кумдуу чөл. Чоң Нефуд ж-а Рубэль-Хали чөлдөрүнүн аралыгында, Сауд Арабиясында. Уз. 1200 *км*дей, басымдуу бийикт. 400–500 *м*. Суйдаң бадал-баялыштуу өсүмдүктөр өсөт. Жайыт катары кеңири пайдаланылат.

КИЧИ ӨРҮКТҮ, И й р и - Ө р ү к т ү – Ысык-Көл обл-нун Түп р-нундагы кыштак. Кутургу айыл округуна караштуу. Ысык-Көл өрөөнүнүн түш.-чыгышында, Кичи Өрүктү суусунун боюнда, Күнгөй Ала-Тоонун этегинде, Балыкчы – Каракол автомобиль жолунун боюнда, дениз деңг. 1720 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Түп кыш-нан 30 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 161 *км*. Калкы 1148 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Медпункт, мад-т үйү бар.

КИЧИ САНДЫК[illegible]ЛТЫН КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Чаткал [illegible]унда, Чандалаш суусунун оң жээгинде, ден[illegible]деңг. 2600–3000 *м* бийикте. 1965-ж. табылга[illegible] 1965–76-ж. изделип бааланган. Кен аймагы [illegible]рмдин гранодиорит-порфирлери м-н жирел[illegible], карбондун кварц желвактары бар акиташ [illegible]ектеринен түзүлгөн. Кенташ гранодиорит-пор[illegible]р м-н акиташ тектеринин эндоконтактындагы тарам түрүндөгү тик жантайган скарн тулкулары м-н байланышкан. Кен магмадан кийин минералдашкан. Тарамдашкан зоналар тибине ж-а скарн-алтын-жездүү формацияга кирет. Негизги минералдары: нукура алтын, борнит, халькопирит, халькозин, арсенопирит, пирит, галенит, сфалерит. Кенташтагы алтындын орт. өлчөмү 6,6 *г/т*, күмүш – 11,4 *г/т*, жез – 1,66%. Кенташтын болжолдуу ресурсу 4062 миң *т*; алтын – 27,049 *т*, күмүш – 46,203 *т*, жез – 67645 *т*.

КИЧИ СУУК-ТӨР МӨҢГҮСҮ – Какшаал кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 6,5 *км*, аянты 9,0 *км*². Ак-Шыйрак суусунун оң куймасы. Жаңарттын алабынан орун алган. Мөңгүнүн башы дениз деңг. 4800 *м*, этеги 3840 *м* бийикте жатат. Этеги бири-бирине улай жаткан бир нече морена жалчасы м-н курчалган. «Тилинин» сол четинде кар көчкүлөрүнүн конустары жатат. Мөңгүдөн Кичи Суук-Төр өзөнү агып чыгып, Жаңарттын оң куймасы – Суук-Төргө сол жактан куят.

КИЧИ ТЕА́ТР, Р о с с и я н ы н к и ч и т е а т р ы – Москвадагы байыркы театр. 1824-ж. 14(26)-октябрда расмий К. т. деген наам м-н ачылган (жаңы имаратта иштей баштаган), бирок драмалык туруктуу труппасы 18-к-дын 50-жылдарында эле калыптанган. 1919-жылдан акад. театрда А. Грибоедовдун, Н. Гоголдун ж-а А. Островскийдин, батыш европ. классиктердин (У. Шекспир, Ф. Шиллер, Лопе де Вега) пьесаларын коюу м-н реалисттик актёрдук өнөр калыптанган. К. т. орус мад-тынын өсүшүнө олуттуу таасир тийгизген. Театрдын чыг-лыгы Россиядагы коомдук алдыңкы көз караш м-н тыгыз байланышта болгон. К. т-да П. Садовский, М. Щепкин, И. Самарин, В. Живокини, С. Шумский, М. Ермолова, Н. Яковлев, А. Яблочкина, М. Царёв, М. Жаров, Э. Быстрицкая, Е. Самойлов ж. б. атактуу режиссёрлор ж-а артисттер эмгектенишкен. Көркөм жетекчиси Ю. Соломин (1988-жылдан). К. т. 1937-ж. Ленин ордени м-н сыйланган. К. т-дын студиясында 1974-жылдан кыргыз улан-кыздары окуган.

КИЧИ ҮЗӨҢГҮ-КУУШ – Ички Теңир-Тоодогу суу, Чоң Үзөңгү-Кууштун сол куймасы. Жети-Өгүз р-нунда. Уз. 35 *км*, алабынын аянты 685 *км*². Борколдой кырка тоосунун түн.-батыш капталындагы мөңгүлөрдөн башталып, адегенде чыгышка (5–6 *км*), бара-бара түш.-чыгышты карай агат. Өрөөнү кууш, суусу шар агат. Ири куймалары: Ичке-Суу (22 *км*), Кайнар (24 *км*; алабында аянты 0,56 *км*² келген Кайнар көлү бар), Тосмо-Чоң-Капчыгай (22 *км*). Жылдык орт. чыгымы 3,75 *м*³/*сек*. Эң көбү июль – августта, азы март – апрелде байкалат. Май айында кире баштап, октябрда тартылат.

КИШ, к у н у – суусар тукумуна кирүүчү (кундуз, булгун, суусар ж. б.) аңдардын баалуу терилеринин жалпы аты. К-тен көбүнчө баш кийим, жака, туш кийиз, кийимдер көбөөлөнгөн.

КИШЕМИШ – Түркстан кырка тоосунан башталган суу, Исфаранын оң курамы. Баткен р-нунда. Уз. 36 *км*, суу чогултуучу аймагы 524 *км*². Түркстан кырка тоосунун чыгыш учундагы мөңгүлөрдөн башталат. Мөңгү, кар сууларынан куралат. Май–октябрь айларында суусу кирет. Көп жылдык орт. чыгымы 3,19 *м*³/*сек*.

КИШЕМИШ МӨҢГҮСҮ Түркстан кырка тоосунун түн. капталында, Кишемиш суусунун алабында жайгашкан. Уз. 9,6 *км*, аянты 5,8 *км*². Башы дениз деңг. 5020 *м*, этеги 3120 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4070 *м*. Абляциясынын аянты 3,0 *км*². Түркстан тибиндеги өрөөн мөңгүлөрүнө кирет. Кийинки мезгилде мөңгү чегинип жаткандыгы байкалууда. Андан Исфаранын оң курамы – Кишемиш суусу башталат.

КИШЕМИШ ӨРӨӨНҮ Түркстан кырка тоосунун чыгышында. Исфара суусунун алабында, Матча ж-а Каравшин тоолору м-н курчалат. Баткен р-нунун аймагында. Уз. 30 *км*дей, жазылыгы 3–10 *км*. Баш жагы дениз деңг. 3200–3600 *м*, төмөн жагы 2500–2600 *м* бийикте жайгашкан. Өрөөндүн эки капталы бирдей тик, кууш капчыгайлуу, корум таштуу, кум шагылдуу. Бийик тоо арасындагы синклиналдык жаракадан орун алган. Палеозойдун кристаллдуу (акиташ теги, сланец, кумдук) тоо тектеринен турат. Климаты континенттик; июлдун орт. темп-расы 21,9°С, январдыкы –10...–15°С. Жылдык жаан-чачыны 250–350 *мм*. Тоолорунда Миң-Теке, Кишемиш мөңгүлөрү бар. Негизинен тоолуу талаа ж-а сейрек токойлуу талаа ландшафттары мүнөздүү. Шалбаа өсүмдүктөрү ж-а токой да кездешет.

КИШЕН – 1) качып же ууру алып кетпес үчүн жылкынын алдыңкы эки бутуна салып, бекитип коюучу темир тушоо. К. бир жак башы жарым айлана жумуру темирден, ага биригип, бекитиле турган экинчи бөлүгү бөрү тил же бурама түрүндөгү кулпу сымал бекиткичтен турат. К. ачкыч м-н ачылып, жабылат; 2) күнөөлүү адамдын колу-бутуна салынуучу темирден жасалган богоо.

КИШИНЁВ, К и ш и н э у – Молдова Респ-нын борбору, шаар. 1995-жылдан өзгөчө автономия



Шаардын кире бериши.

статусу бар өзүнчө адм. бирдикти – муниципийди түзөт. Бык д-нын боюнда (Днестрдин оң куймасы), Кодр токойлуу дөнсөөсүндө, деңиз деңг. 429 *м* бийиктикте жайгашкан. Калкы 785,1 мин (2008; агломерациясында 1,3 млн). Темир ж-а автомобиль жолдорунун ири тоому. Эл аралык аэропорту бар. Алгач 1466-жылдан «Акбашев Кешенев» деп эскерилет. 1712-ж. расмий булактарда шаар деп аталган. 15-к-дын башынан Осмон империясынын, 1812-жылдан Россия империясынын, 1918-жылдан Румыниянын, 1940-жылдан СССРдин (Молдаван ССРинин борбору) курамында болгон. 1991-жылдан Молдова Респ-нын борбору. Машина куруу (а. и. а. ч. машиналары, соода ж-а тамак-аш, авиация, муздаткычтар, электр-өлчөөчү приборлор ж. б. ө. ж. үчүн жабдуулар, телевизорлор ж. б.), тамак-аш–татымалдар [жашылча-жемиш консервалары, шарап даярдоочу (салттуу мүнөзгө ээ), тамеки], хим. (фармацевтика, лак-боёктор, пластмасса буюмдары, парфюмерия), жыгаччылык (а. и. эмерек) ө. ж. ишканалары ж-а кондитер (250гө жакын продукция чыгарат), тигүү ф-калары, айнек такталар з-ду, трикотаж бирикмеси иштейт. Килем токулуп, зер буюмдар даярдалат. Шаардын борбордук аянтында салтанат капкасы, тарыхый бөлүгүндө Орган залы жайгашкан. О. эле кафедралуу собор (учурда сүрөт музейинин филиалы), Мазаракиевск (18-к.), Рышкановск (18-к.) ж-а Благовещенск (19-к-дын башы) чиркөөлөрү сакталган. К-до Улуу Стефан IIIгө, М. Горькийге, Л. Н. Толстойго ж. б-га эстелик орнотулган. К. – Молдованын илим, билим ж-а маданий ири борбору. Шаарда 30дан ашык ЖОЖ (а. и. мамл. ун-ттер), ИА, бир нече ИИИ, китепканалар (80ден ашык), А. С. Пушкиндин үй-музейи, 9 музей (а. и. тарых-край таануу, сүрөт, ад-т ж. б.), театрлар (а. и. опера ж-а балет), филармония бар. К-до туристтер үчүн заманбап мейманканалар курулган. Шаардын чегинде шарап сакталган Криково атактуу жер төлөсү, Чыгыш Европанын түштүгүндөгү эң кооз табигый парк – Роза гүлдөр өрөөнү, күмүш көлмөлөр ж-а бүтүндөй бир парк скульптура галереясы жайгашкан. Жыл сайын эл аралык куурчак театрлар ж-а муз. фестивалдар, конкурстар өткөрүлүп турат.

Ад.: Кишинёв. Энциклопедия. Киш., 1997; Кишинёв// Большая Российская Энциклопедия. Т. 14. М., 2009.

КИШИ СЫМАЛ МАЙМЫЛДАР, гоминоиддер, антропоиддер (Hominoidea, Antropomorphidea) – тар таноолуу маймылдардын чоң тукуму. Аларга горилла., шимпанзе, орангутан, гиббондор кирет. Африка, Азияда Суматра, Калимантан а-жда кездешет. К. с. м-дын көпчүлүк белгилери картышка сымалдарга караганда адамга жа[illegible]к. Мис., денеси чоң, куйругу ж-а көчүк чоро[illegible], кулак калканы да кишиникине окшош, м[illegible]ж-а мээ кыртышынын бети чоң, быткылд[illegible]акшы өрчүгөн, мандайы жазы, тиши кич[illegible]ндей. Ички органдарынын (бөйрөк, өпкө[illegible]ндикстин болушу) түзүлүшү да окшоштук[illegible]рсотот. Кан топтору, анын иммун касие[illegible]ра, зат ж-а энергия алмашуусунун да кишиники м-н жалпылыгы бар. Анат. түзүлүшү ж-а бар катар көрсөткүчтөрү б-ча, айрыкча шимпанзе м-н горилла адамга өтө жакын, мис., ДНКны мол. гибриддештирүү методу м-н мартышка сымалдардын гени адамдыкы м-н 66%, шимпанзеники 91% окшош экендиги далилденген. Биол. ж-а мед. изилдөөнүн негизинде патол. процесстер, жугуштуу оорулардын өтүшү да адамдын организми м-н бирдей экенин көрсөткөн. К. с. м-да гана тажрыйба жолу м-н *котон жараны*, проказаны пайда кылышкан. О. эле К. с. м. жыныстык жактан жетилүү, боюнда көтөрүү мөөнөтү б-ча да адамга жакын. Алардын жүрүм-туруму, баамдоо аракети жагынан да башка маймылдарга караганда кыйла артыкчылыгы бар.

КИЮ́ТИН Валерий Григорьевич (28. 9. 1944-ж. т., Фрунзе) – философия илимд. доктору (2000). 1977-ж. КМУну бүтүргөн. 1982–86-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тарых ж-а философия ин-ттарында кенже ил. кызматкер, улук ил. кызматкер, 1986–99-ж. КМУда улук окутуучу, доцент, проф., бөлүм башчысы, 2000–06-ж. качкындар ж-а миграция маселеси б-ча координатор, жетекчи, 2006-жылдан КРСУда проф. 40дан ашык ил. эмгектин (а. и. 2 монография, 1 окуу куралы) автору.

Эмг.: Правовое регулирование борьбы с киберпреступностью, кибертерроризмом и трафиком людей: опыт Евросоюза. Б., 2010; Противодействие незаконному обороту наркотических средств, психотропных веществ и их прекурсоров: опыт Евросоюза. Б., 2011.

КИЯЗОВ Кемелбек Абдыкадырович (16. 4. 1956-ж. т., Чүй обл., Панфилов р-ну, Эркин-Сай кыш.) – милициянын генерал-майору (2006). ФПИни (1982), КМУну (1994), СССР ИИМ Саратов жогорку курсун (1985) бүткөн. 1986–94-ж. Панфилов р-ндук ички иштер бөлүмүндө соц. менчикти уурдоого, алып сатарлыкка, экон. кылмышка ж-а коррупцияга каршы күрөш бөлүмдө-



рүнүн оперуполномочени, улук оперуполномочени, начальниги, 1994–99-ж. Панфилов, Жайыл р-ндук ички иштер бөлүмдөрүндө начальниктин орун басары, 1999–2002-ж. Ала-Бука р-ндук ички иштер бөлүмүндө начальник, 2002–04-ж. Жалал-Абад обл. ички иштер башкармалыгында начальниктин орун басары, 2004–08-ж. Чүй обл., 2008–10-ж. Жалал-Абад обл. ички иштер башкармалыктар начальниги болуп иштеген.

КЛАВЕСИ́Н (фр. clavecin) – клавишалуу чертме муз. аспап. 16-к-да белгилүү. Ал псалтериумдан, клавишалык механизмге бириктирүүдөн ж-а оркүндөтүүдөн жаралган. К-дин үнү уккулуктуу болгону м-н үзүлүнкү чыгат. Диапазону 4–5 октава. К. адегенде төрт бурчтуу, 17-к-дан темир кылдуу үч бурчтук формада, тышкы келбети коркомдолуп жасала баштаган. К-дин түрлөрү бар, а. и. тигинен турган аспап клавицитериум деп аталат. К. жеке, камералык-ансамблдик ж-а оркестрдик аспап катары пайдаланылган. Француз К. мектебинин негиздөөчүсү



Италиялык чебер уста В. Тразутининин кутудагы клавесини. 1576. Өздүк коллекция (Венеция).

Ж. Шамбоньер болгон. 17–18-к-дагы белгилүү клавесинчилер: Ф. Куперен, Ж. Рамо, Л. Дакен ж. б. Итал. комп. Д. Скарлатти (1685–1757) К-де чебер ойноо стилин түзгөн. К. англичандарга арпсихорд, немистерге кильфлюгель, италиялыктарга клави-чембало (кыскача чембало) деген аттар м-н тараган. 18-к-дын аягында француз музыкасына кызыгуу төмөндөп, 20-к-дын аягында кайра жарала баштаган. Азыр байыркы музыканы аткаруу үчүн курамында К. бар ансамблдер түзүлүүдө.

КЛАВИАТУ́РА (лат. clavis – ачкыч) – 1) муз. аспаптарда өзгөчө жасалган рычагдардын комплекти бар клавишалардын бир катарда жайгашуусу. Муз. аспаптын К-сын басуу м-н белгилүү бийиктиктеги үн алынат. Органда бир эле убакта ар кайсы тембрде ойноо мүмкүнчүлүгүн камсыздоо ж-а так динамикалык контраст тарга жетишүү үчүн террасса сыяктуу биринин үстүнө бири жайгашкан 2–3, чоң органдарда 7 К. (мануалдар) колдонулат. Органда бут үчүн К. – педаль бар. Баян, гармондор үчүн топчу ж-а кадимки фортепьяно түрүндөгү өзгөчө К. ойлоп табылган; 2) кээ бир механизмдердеги (компьютер, эсептөө машиналары) клавишалар жыйындысы, к. *Баскыч топ.*

КЛАВИ́Р (нем. Klavier) – 1) европ. клавишалуу муз. аспаптардын (клавикорд, клавесин, фортепьяно, орган ж-а алардын түрлөрү) жалпы аты; 2) клавираусцуг – муз. сахна чыгармаларын (опера, оратория, кантата ж. б.) фортепьяно м-н ырдоого которуу. К. музыка жаратуунун негизги элементтерин: обонду, гармонияны, ыргакты камтыйт. Бул учурда оркестрдин үндөрүгана которулат. К. вокалдык партияларды аткаруучу ж-а хор жаттоо үчүн репетиция процессинде ж. б. колдонулат. Балет музыкасын скрипкада ойноого которуу м-н мурда колдонулуп жүргөн «репетиторду» алмаштырды.

КЛА́ЙМАКС КЕНИ – АКШдагы эң ири молибден кени. Колорадо штатынан Клаймакс ш-на жакын тоолордон орун алган. Кендин айланасында кембрийге чейинки биотит-кварц-талаа шпатынан турган сланецтер м-н гнейстер, палеозой заманындагы чөкмө тектер кездешет. Кен сланец м-н гнейсти жиреп өткөн риолит-порфир штогунун үстүнкү бөлүгүндө жайгашкан. Штокверк түрүндөгү кенташ зоналарынан турат. Алардын калыңдыгы 100–300 *м* келип, формасы тегерек болуп көрүнөт. Терендиги 800 мге жетет. Кенташтагы молибдендин орт. өлчөмү 0,26%, вольфрамдыкы 0,03%. Кенташ негизинен молибденит, пирит, вольфрамит, гюбренит, ө. эле касситерит, галенит, сфалерит, топаз, флюорит, монацит минералдарынан турат. Молибдендин жалпы запасы 940 мин *т*. Кен миоцен доорундагы граниттоиддүү магмадан бөлүнүп чыккан риолит-порфир интрузиясы м-н тыгыз байланышкан. Гидротерм процессинен пайда болгон. Кен 1928-жылдан ишке киргизилип, молибден өндүрүлүп алына баштаган. 1948-жылдан молибденден тышкары вольфрам, калай, пирит, монацит өндүрүлгөн.

Ад.: Рудные месторождения США. Т. 2. М., 1973.

КЛА́ЙПЕДА (1923-ж. чейин Мемель) – Литвадагы шаар. Данге (Дане) д-нын боюнда жайгашкан. Балтика денизиндеги тоңбогон ири порт (27 млн *т* жүк; 2007). Калкы 183,4 мин (2009); калкынын саны б-ча Литвадагы 3-шаар. К-дан 25 *км* аралыкта Палангада эл ара-

Шаардын жана порттун көрүнүшү.



лык аэропорт жайгашкан. Т. ж. бекети. Жолдор тоому. Паром аркылуу Германия (Засниц – т. ж. парому; Киль), Дания (Орхус, Обенро), Швеция (Карлсхамн) м-н байланышат. Балык флотунун деңиздеги базасы. Балык кармалып, беленделет. Шаардын экономикасынын негизин портту тейлөө түзөт. Кеме куруу ж-а ремонттоо, текстиль (кебез-кездемелери токулат), целлюлоза-кагаз ө. ж. ишканалары иштейт. Жакут ташынан көркөм зер буюмдар жасалат. 17–18-к-дын арх-ра эстеликтери сакталган. 1252-ж. Мемельбург сепили катары негизделген. 1525-жылдан Пруссиянын, 1871-жылдан Германия империясынын, 1920-жылдан Антанта мамлекетинин башкаруусунда, 1923-жылдан Литванын курамында. Ун-т (1991, деңиз кеме кызматкерлерин даярдайт), консерватория, драма театры, музейлер (а. и. край таануу, деңиз, саат), сүрөт галереясы бар. Почтамттын имаратынын мунарасында 48 коңгуроолуу карийон орнотулган (1987). Жыл сайын муз. фестивалдар (1976, «Клайпеда музыкалуу жазы»; жаз музыкасы, 1993) ж-а деңиз майрамы (июль–август) өткөрүлүп турат.

КЛАН (кельтче clann – укум-тукум, урпак) – 1) келт элдеринде уруктун, кээде уруунун аталышы; уруулук мамилелер ыдырай баштаган мезгилде – уруктун түпкү атасынын ысмын тутканкандаш бир туугандардын тобу. К. жерге болгон жалпы менчикти, уруулук түзүлүштүн башка салттарын (кан куумай, кепилдик) карманган. Шотландия м-н Уэльстин айрым аймактарында К. 19-к-га чейин сакталган; 2) чет элдик социалдык антропологияда «К.» терминин алгачкы мааниси патрилиниялык урукка карама-каршы келген матрилиниялык эгзогамдык ин-ттарды билдирет. Орус илиминде К. түшүнүгү: а) уруу термини м-н бирдей; б) уруулук жамаат же жамаат (Н. А. Бутиновдуку б-ча); в) патронимия терминине синоним, о. эле бир атадан тараган үй-бүлөлүк топ (М. В. Крюковдуку б-ча) катары да колдонулат. К. ж-до: туугандардын биримдиктүү тобу мис., «Кеннеди кланы»), атүгүл максатташ адамдардын уюмдашкан тобу (мис., АКШда расисттик уюм Ку-клукс-кландык аталышынын келип чыгышы ж-дө бир божомол) ж. б. түшүнүктөр кенири таралган.

Ад.: *Крюков М. В.* О соотношении родовой и патронимической (клановой) организации // Советская этнография. 1967. № 6; *Мердок Дж. П.* Социальная структура. М., 2003.

КЛАПЕЙРО́Н (Clapeyron) Бернуа Поль Эмиль (26.1.1799, Париж – 28.1.1864, ошол эле жер) – фр. физик ж-а инженер, Париж ИАнын мүчөсү (1858), Петербург ИАнын корр. мүчөсү (1830). Париждеги политех. мектепти аяктаган (1818). 1820–30-жылдары Россияда иштеген. Ил. эмгектери жылуулук кубулуштарына, пластикалуулукка, катуу нерселердин тең салмактуулугуна арналган. Термодинамикага индикатордук диаграммаларды киргизген. 1834-ж. идеалдык газ абалынын теңдемесин (*к. Клапейрон теңдемеси*) иштеп чыккан, заттардын эрүү жана кайноо темп-раларынын басымдан көз карандуулугун (*к. Клапейрон-Клаузиус теңдемеси*) корсөткөн.

КЛАПЕЙРО́Н–КЛА́УЗИУС ТЕҢДЕМЕСИ – заттын бир фазадан экинчи фазага өтүү (буулануу, эрүү, сублимация – кристаллыгаруу, полиморфтук айлануу ж. б.) процесстеринин термод. теңдеме. Бул теңдеменин биринчи жолу Б. *Клапейрон* түзгөн, ал немец физиги Р. Клаузиус кайрадан иштеп чыккан. Р.–К. т-не ылайык тең салмактуу өтүүчү процесстеги фазалык өтүүнүн жылуулугу төмөнкү туюнтма м-н аныкталат: $L=T\ (dp/dT)Ч\ (V2–V1)$, мында Т – фазалык өтүү темп-расы, (*V*2–*V*1) – фазалык өтүү кезиндеги көлөмдүн өзгөрүшү, dp/dT – фазалык тең салмактуулук сызыгында темп-ра б-ча басымдан алынган туундунун мааниси. Бул теңдемени 1834-ж. Б. Клапейрон суюктук м-н жылуулук тең салмакта турган конденсацияланган буугa *Карно циклин* анализдеп, колдонуу жолу м-н алган. 1850-ж. Р. *Клаузиус* бул теңдемени термодинамиканын экинчи законунун негизинде кайрадан иштеп чыккан. Фазалык өтүү ж. б. үчүн жалпылаган. К.–К. т. жылуулук чыгаруу же жутуу м-н коштолгон бардык фазалык өтүүлөргө колдонулат. К.–К. т-нин жардамы м-н буулануу жылуулугу эсептелет, анткени ал тажрыйбада ото кыйынчылык м-н өлчөнөт.

КЛАПЕЙРО́Н ТЕҢДЕМЕСИ (Клапейрон – Менделеев теңдемеси) – идеалдык газдардын абалын аныктоочу термод. параметрлердин (көлөм V, басым *p* ж-а абс. темп-ра *T*) ортосундагы көз карандылыкты туюнтуучу теңдеме: $pV=BT$. Мында пропорциялаштык коэфф. *B* газдын *M* массасына ж-а жаратылышына (б. а. моль массасына) көз каранды. Теңдемени Б. П. Э. *Клапейрон* 1834-ж. аныктаган. 1874-ж. Д. И. *Менделеев* идеалдык газдын 1 *молу* үчүн абал теңдемесин чыгарган: $pV=RT$, мында R – универсалдык *газ туруктуулугу*. Эгер газдын моль массасын m деп белгилесек, анда $PV=RTM/m$. Бул туюнтма Клапейрон – Менделеевдин идеалдык газ абалынын теңдемеси деп аталат. Бул теңдеме Бойль – Мариотт, Гей-Люссак ж-а Авогадро закондорун бириктирет. Анча чоң эмес басымда ж-а жогорку темп-раларда К. т. реалдык газдардын (мис., атм. абага, кыймылдаткычтан чыккан калдыктарга) абалын белгилүү даражадагы тактык м-н мүнөздөөгө колдонсо болот. Коп кездешүүчү газдар – суутек, гелий, кычкылтек, аба, азот ж. б. идеалдык газга окшош болгондуктан, К. т. колдонулат.

КЛА́ПРОТ Генрих-Юлий (11. 10. 1783, Берлин – 27. 8. 1835, Париж) – ориенталист, лингвист, синолог, академик (1807). Кытай тилине кызыгууну гимназиядан баштаган. 1801–02-ж. Галле ун-тинен классикалык филология б-ча билим алгандан кийин Веймар ш-нда немис тилиндеги «Азия дүкөнү» («Asiatisches Magazin», 1802) журналынын 1-санын чыгара баштаган. Коп отпой Россия ИАнын аскер аспирантурасына (адъюнктанта) чакырылып (1804), Кытайга элчиликти ээрчитип барууга мүмкүнчүлүк алган (1805). Ирбит, Кяхта ш-нда кыргыз, башкырт, тунгус, буруттардын тили, үрп-адаты м-н таанышып, анын негизинде сөздүктөрдү түзгөн ж-а ал тилдерди классификациялап, моңгол, маньчжур тилдерин б-ча лингв. маалымат жыйнаган. Петербургга кайтып келгенде (1807) экстраординар академик деген наам ыйгарылып, Александр I 300 сомдук пенсия чектеген. Россия ИАнын тапшырмасы м-н Кавказда этногр. изилдоолорду жүргүзүп (1808), анын негизинде жазган «Азия адабияты, тарыхы жана сөздүгү боюнча архив» («Archiv fur asiatische Litteratur, Geschichte und Sprachkunde») деген эмгегин француз, немис тилдеринде жарыялаган. 1818-жылдан Парижде иштеп, кытай тилинен которууга кошумча түшүндүрмөлөр киргизген. Маньчжурхрестоматиясын түзгөндүгү үчүн азия тили ж-а ад-ты б-ча профессор наамын алган. Кытай тилинин кээ бир өзгочөлүктөрү тууралуу Н. Я. *Бичурин (Иакинф)* м-н талаш-тартыш жүргүзгөн. К-тун эмгегинде кыргыздар ж-до да кенири маалымат кезигет.

Ад.: *Веселовский Н.* Клапрот Ю.-Г. // Русский биографический словарь (Ибак-Ключарев). СПб., 1897.

Э. Тургынбаев.

КЛА́РНЕТ (лат. clarus – ачык добуш) – жыгачтан жасалган үйлөмө муз. аспап. Ал түтүкчө формада болуп, каналынын уз. 590–680 *мм*. Анын үнү үйлөгондө тилченин термелүүсүнүн негизинде чыгат. К. болжол м-н б. з. ч. бир нече миң жыл мурда пайда болгон. Андан Индияга, Малайзияга, Европага тараган. К. 1700-ж. Нюрнбергдик Й. К. Деннер тарабынан оркүндөтүлгөн. Азыркы К-те 20 капкакча, 7 козонок бар. К. үйлөмө ж-а симф. оркестрлерде, камералык ансамблдерде колдонулат. К. үчүн Й. Гайдн, В. Моцарт, 19-к-да И. Мюллер, О. Буффе, Г. Клозе, Р. Вагнер ж-а И. Брамс көптөгөн чыгармаларды жаратышкан. 20-к-да К. аскердик ж-а үйлөмө аспаптар оркестринин, жаз ж. б. ансамблдердин негизги аспаптарынан болуп калды. Кырг-нда Кыргыз ССРинин эмг. сиң. арт. М. Мирахимов, В. Рахимов, М. Серажиддинов, КРдин эмг. сиң. ишмери Э. Шаршенбаев ж. б. кларнетчилер белгилүү.



КЛАСС, б и о л о г и я д а – биол. систематикадагы жогорку таксономиялык категориялардын бири. Жакын түркүмдөрдү (жаныбарларда) же катарларды (өсүмдүктөрдө) бириктирет. Мис., *кемирүүчүлөр, курт-кумурска жечүлөр, жырткычтар* ж. б. түркүмдөр *сүт эмүүчүлөр* К-ына биригет. Жалпы түзүлүштөгү ж-а келип чыккан теги бир К-тын өкүлдөрү типке (жаныбарда) же бөлүмгө (өсүмдүктө) биригет. Мис., жерде-сууда жашоочулар, куштар, сүт эмүүчүлөр ж. б. жаныбарлардын хордалуулар тибин түзөт. Бир үлүштүү ж-а эки үлүштүү өсүмдүктөр *жабык уруктуулар* (гүлдүү өсүмдүктөр) болүмүнө биригет.

КЛА́ССИКА (лат. classicus – үлгүлүү, мыкты) – иск-во м-н ад-ттын улуттук ж-а дүйнөлүк мад-т үчүн туруктуу баалуулукка ээ болгон, адам баласына бийик эстетикалык таасир берүүчү рухий зарылдык деңгээлинен түшпөгөн чыгармалары (мис., Фирдоуси «Шахнаме», Ж. Баласагуни «*Кут алчу билим*», А. С. Пушкин «Евгений Онегин» ж. б.), к. *Классицизм, Классикалык адабият*.

КЛАССИКАЛЫК АДАБИЯТ – бардык мезгилде идеялык мазмуну ж-а көркөмдүк жагынан эң жогору бааланган ад-т үлгүсү; кеменгер акын-жазуучулар жараткан, коомдук мааниси м-н касиети бийик чыгармалар. К. а. адамзаттын адамгерчилик ж-а агартуучул идеяларын туу тутканар бир элдин тарыхый тагдырына байланыштуу К. а. бир элде эрте, бир элде кечирээк пайда болгон. Мис., Грекияда б. з. ч. 5-к-да, Римде 1-к-да, О. Азия ж-а Чыгышта 9–12-к-да, Францияда 17-к-да, Россияда 19-к-да онүккөн А. С. Пушкин, А. П. Чехов, М. Ю. Лермонтов, Н. А. Некрасов, И. С. Тургенев, Л. Н. Толстой ж. б. Кыргыз К. а-ынын жаралышы да 19-к-га таандык. Анын окүлдөрү – Арстанбек, Калыгул, Молдо Кылыч, Эшмамбет, Женижок, Т. Сатылганов, Тоголок Молдо, Б. Алыкулов, К. Тыныстанов, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, А. Осмонов, С. Эралиев, Ч. Айтматов, Т. Касымбеков ж. б.

КЛАССИКАЛЫК БИЙ, к. *Балет*.

КЛАССИКАЛЫК БИЛИМ (ТААЛИМ) БЕРҮҮ – жалпы орто билим берүүнүн бир түрү. Мында латын, грек тилдерин ж-а антикалык ад-тты үйрөнүү негизги орунду ээлеген. Билим берүүнүн бул түрү Европада Кайра жаралуу доорунан, б. а. антикалык мад-тка кызыгуу күчөгөн мезгилден, ал эми Россияда 17-к-дан өөрчүй баштаган. 18-к-да Петербург ИАга (1726), Москва ун-тине (1755) караштуу, 1758-ж. Казанда алгачкы гимназиялар ачылган. Мамл. гимназиялар Россияда жалпы билим берүүчү орто мектеп катары 1804-жылкы Устав б-ча ачылган. Ал гимназияларда антикалык тилдер м-н ад-тты үйрөнүүгө улам коп көңүл бурулган. 1864-жылкы Устав б-ча классикалык гимназиялар м-н катар реалдуу гимназиялар түзүлгөн, ун-тке кирүүгө реалдуу гимназияларда даярдалган. 1917-жылдан кийин жоюлган. 20-к-дын аягында Россияда классикалык гимназия класстары ачылып, латын ж-а грек тилдери окутулат.

КЛАССИКАЛЫК КӨРКӨМ ИСКУ́ССТВО – белгилүү тартип м-н үлгүнү сактап калган, бүт элге таанымал ж-а ал колдонгон көркөм иск-во. К. к. и. өз мезгилинин эң алдыңкы прогрессивдүү мазмунуна ж-а ага окшош, жеткиликтүү көркөм формага ээ. Форма мазмундан артта калган же жаңы мазмун керектүү формага ээ боло электе К. к. и. ж-дө сөз кылууга болбойт, себеби К. к. и. улуу мазмун м-н эң сонун форманын шайкештигин талап кылат. Бул маанидеги К. к. и-го грек демократиясынын гүлдөп өнүккөн доорунун, улуу антика устаттарынын ж-а Бийик, *Кайра жаралуу* доорунун атактуу сүрөткерлери – Леонардо да Винчи, Микеланжело, Рафаэлдин көркөм чеберчиликтери, 17-к-дагы Европа көркөм иск-во жетишкендиктеринин туу чокусу болгон Рембрандттын, демокр. реализмдин орус сүрөтчүлөрү И. Репин, В. Суриковдун, кыргыз сүрөтчүлөрү С. Чуйковдун, Г. Айтиевдин, С. Акылбековдун ж. б. көркөм иск-восу кирет.

КЛАССИКАЛЫК КҮРӨШ – күрөштүн колдун ж-а денеңин кыймылына негизделген ыкмаларды колдонуучу түрү. Анда белден ылдый алууга, булкуп тартууга ж-а чалууга болбойт. Ал 18-к-да Францияда пайда болгон. Эл аралык федерациясы 1912-ж. түзүлгөн. К. к. 1896-ж. олимпия оюндарынын программасына кирген. 1921-жылдан дүйнөлүк чемпионат өткөрүлөт. О. эле к. *Грек-рим күрөшү, Күрөш.*

КЛАССИЦИ́ЗМ (лат. classicus – эң үлгүлүү) – 17–19-к-дын башында ад-т м-н иск-водо байыркы мурастарды идеалдуу үлгү катары тууралган стиль, багыт. Европадагы улуттук борбордоштурулган кубаттуу монархиялардын акыркы түзүлүш доорунда пайда болгон. К. абсолютизмдин жогорулоо мезгилинин чагылышы катары 17-к-да Францияда түзүлгөн. Адабиятта К. Байыркы Грекия м-н Байыркы Римдин классикалык чыгармаларын үлгү тутканы. К. багытында чыгарма жазгандар антикалык ад-ттын үлгүлөрүн туурашкан, белгилүү эрежелер б-ча көркөм образдарды түзүшкөн. 17–18-к-да К. француз ад-тында калыптанып, анын эң ири өкүлдөрү: Н. Буалонун (1636–1711) ырлары, П. Корнелдин (1606–84), Ж. Расиндин (1639–99) трагедиялары, Ж. Б. *Мольердин* комедиялары ж. б. кенири белгилүү болгон. К. Россияда 18-к-дын 2-жарымынан өнүгө баштаган (А. Д. *Кантемир*, А. П. Сумароков, В. К. Тредиаковский, Д. И. Фонвизин ж. б.). Бул багыттагы калемгерлер чыгармаларында элкөнүн турмушу үчүн өтө маанилүү окуяларды сүрөттөөгө аракеттенишкен. К-дин иск-водогу өзгөчөлүгү жаратылышты ж-а байыркы иск-вонун үлгүлөрүн тууроо, үч биримдиктин (окуя, мезгил, жер) шарттуу түрдө болушу, мамлекетке кызмат кылуу ж. б. болгон. К. эки (дворяндык, прогрессчил) багытта өнүккөн. Дворяндык багыттагылар турмушту идеалдаштырып, риторикалуулукка ыкташкан. Экинчи багыттагылар – трагедияда идеалуулук м-н эмоциялуулукка, ал эми комедияда сатиралык типтештирүүгө жетишкен. 17-к-дагы К. көркөм идеалдардын бир аз абстракттуулугу, жалаң акылэске таянуучулук мүнөзү, адам м-н табиятты идеалдаштырууга умтулуу, эстетикалык нормаларга баш ийүү, таза көркөм формалардын ийкемдүүлүгү м[illegible]үү. Живописте 18-к-да К-дин ири өкүлү живописчи Ж. Л. Давид биринчи кезекте[illegible]ы дүйнөнүн идеал-



К. Лорен. «Давид жана үч мифологиялык каарман менен пейзаж». 1658. Улуттук галерея. Лондон.

дарына, эркиндик үчүн күрөшүүчүлөрдүн эрдиктерине кайрылган. Бир жагынан романтизмге жакындоо м-н 18-к-дагы К. бир топ деңгээлде дворяндык К-дин абстракттуулугун жене алган ж-а көркөм өнөрдө татаал сезим дүйнөсү м-н көз караштарын бекемдеген. Наполеон империясынын доорундагы К. (ампир деп аталган) негизинен императордук байыркы Рим көркөм өнөрүнөн багыт алган ж-а көбүрөөк шаан-шөкөттүк белгилерге ээ болгон. К-дин көрүнүктүү өкүлдөрү: сүрөтчүлөр Н. Пуссен, Ш. Лебрен, К. Лоррен, Д. Энгр (Франция), А. Р. Менгс, Й. А. Кох (Германия) ж. б.; скульпторлор – Ж. Б. Пигаль, Э. М. *Фальконе* (Франция), И. Г. Шадов (Германия), Б. Торвальдсен (Дания), А. Канова (Италия). Россиянын сүрөт өнөрүндө К-дин өнүгүшү 1757-ж. Петербургда

Версаль сарайындагы Опера театрынын залы. 1748–70. Архитектор Ж. А. Габриэль, скульптор О. Пажу.



уюшулган Сүрөт академиясына байланыштуу. Орус тарыхый живописинин өкүлдөрү А. П. Лосенко, Г. И. Угрюмов, А. И. Иванов, К. П. *Брюллов* гуманизм идеяларын, патриотизмди туу тутушкан. Орус К-дин өкүлдөрү скульпторлор М. И. Козловский, Ф. П. Мартос, Ф. Ф. Щедрин идеалык жеткилеңикке, классикалык образдын беделдүүлүгү[illegible]жетишкен. Архитектурада К-ди Ф[illegible]ндияда Ж. Ардуен-Мансар, А. Ленотр (*Версал*[illegible]ак сарай-парк ансамблин түзүүчүлөр), Ж. А.[illegible]бриэль, К. Н. Леду, Англияда К. Рен, Россияда В. И. Баженов, М. В. Казаков, А. Н. Воронихин, А. Д. Захаров, К. И. Росси ж. б. өнүктүргөн. Арх-ралык курулуштардын формаларынын геометриялуулугу ж-а таа-



Санкт-Петербургдагы мрамор сарайы. 1768–85. Архитектор А. Ринальди.

сындыгы, пландын логикалуулугу, дубалдарынын ордер ж-а жонокой жасалга м-н айкалышкандыгы мүнөздүү. Музыкада инсандын жашоосунун ички ыргагы, акыл-эси, ой-толгоосу ички мыйзам ченемдүүлүккө, эриш-аркактыкка баш иерине, ушундан улам жашоонун ошого ылайыкталгандыгына ишенген. К. көркөм өнөрдү адамзат рухунун бийиктигинин далили катары карап, ички ыргактын топ келишин, жандык эреженин сакталышын, кейипкерлердин мүнөзүн ачуудагы типтүүлүктү талап кылган [Й. *Гайдн*, В. *Моцарт* (Австрия); Л. *Бетховен* (Германия); Ж. Б. Люлли (Франция)]. Театр искусствосу үчүн спектаклдин салтанаттуу, салмактуу түзүлүшү, ырларды жай окуу мүнөздүү (Францияда Мондори, Т. Дюпарк, М. Шанмеле, А. Лекен, Ф. Ж. Тальма, Э. Рашель; Германияда К. Найбер; Россияда Ф. Г. Волков, И. А. Димитриевский) болгон. 20-к-да К-дин көркөм салттары неоклассицизмде жанданган.

Ад.: Русский и западноевропейский классицизм. Проза. М., 1982; *Даниэл С. М.* Европейский классицизм. СПб., 2003; *Карев А.* Классицизм в русской живописи. М., 2003; История зарубежного театра. СПб, 2005.

КЛЕЙН БЕТИ, Клейн ботолкосу – бир жактуу туюк бет. К. б. үч олчөмдүү мейкиндикте эки жагы ачык түтүктү (*а* чийме) ийип, анын ичке учун түтүктүн каптал жагынан тешип өткөзүп ж-а жоон учун түтүктүн ичин көздөй, ичке учун сыртты көздөй кайрып, эки четки учтарын бири бирине чаптаганда өзүн өзү кесүүчү К. б. алынат (*б* чийме). Өзүн өзү кеспөөчү К. б. 4 өлчөмдүү мейкиндикте гана болушу мүмкүн. К. б-нин касиеттери топологияда текшерилет. Бул бетти немис математиги Ф. Клейн (1874) изилдеген.



КЛЕМАНСО́ Жорж (28. 9. 1841, Муйрон-ан-Паре – 24. 11. 1929, Париж) – Франциянын саясий ж-а мамл. ишмери. Француз академиясынын мүчөсү (1918). Кесиби б-ча врач. Экинчи империянын учурунда радикал-респ-чыл кыймылга катышкан. Пруссия м-н болгон согушта Франция жеңилгенден кийин (1870–71) улуттук чогулуштун депутаты катары Франкфурт тынчтык келишимине (1871) каршы чыккан. Париж Коммунасынын күндөрүндө (1871) коммунарлар м-н версалдыктарды жараштырганга аракет кылган. 1880–90-жылдары К. – бурж. радикалдардын лидери. Германияга карата согуштук реванш алуунун тарапкери; К. 1880-жылдары депутаттар палатасында ж-а басма сөздө француз бийлигинин колониялык саясатын айыптаган. 1902- ж-а 1909-жылдары сенатка шайланган. 1906-ж. март–октябрь айларында Франциянын ички иштер министри, 1906–09-ж. министрлер кеңешинин төрагасы. Венгр Совет респ-н басып алууда чоң роль ойногон. 1919–20-ж. Париж тынчтык конф-ясынын төрагасы, француз делегациясынын башчысы. 1919-ж. Версаль тынчтык келишиминин авторлорунун бири болуп, К. Европада Франциянын аскердик-саясий гегемониясын орнотууга аракеттенген. 1920-ж. президенттик шайлоодо женилип калып, саясаттан кеткен.



Ад.: *Русанов Н. С.* Галерея современных французских знаменитостей. СПб., 1906; *Прицкер Д. П.* Клемансо. М., 1983.

КЛЕ́МЕНЦ Дмитрий Александрович [15. (27) 12. 1848, Самара губерниясы, Горяиновка кыш. – 8 (21) 1. 1914, Москва] – орус окумуштуусу, археолог, этнограф, тарыхчы, географ, саякатчы. Казан (1867-жылдан), кийин Санкт-Петербург университетинде (1869–71) окуган. Санкт-Петербургдагы реп-ялык иштерге катышкандыгына байланыштуу 1873-ж. ун-тти бүтпой, жашыруун абалга өткөн. 1879-ж. «Земля и воля» («Жер жана эрк»)

журналынын редактору болгон. Ушул эле жылы камакка алынып, Минусинскиге айдалган. Сибирде жүргөндө көп жыл геология, археология, этнография, тарых м-н алектенип, жер кыдырган. О. Азиянын, Сибирдин бир катар жерин изилдейт. Иркутск, Минусинск музейлерин уюштурууга түздөн-түз көмөктөшөт. 1890-ж. Иркутскиге жайгашып, Императордук орус геогр. коомунун Чыгыш-Сибирь бөлүмүнө мүчө болуп шайланат. Бир катар экспедицияларга, а. и. ИА уюштурган В. В. Радловдун экспедициясына катышат. «Восточное обозрение», «Сибирская газета» гезиттерине макалалар жазган. 1897–1903-ж. Антропология ж-а этнография музейинде улук этнограф, 1903–10-ж. орус музейинин этнография бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

Эмг.: Из прошлого. Воспоминания. Л., 1925.

Ад.: *Федоров В. И.* Революционный народник, учёный и просветитель Д. А. Клеменц. Красноярск, 1988.

КЛЕ́МЕНЦ Елизавета Николаевна [1859 (1854), Красноярск – 4. 1. 1914, Москва] – байыркы түрк жазуу эстеликтерин ачкандардын бири, ботаник, Д. А. *Клеменцтин* аялы. Казандагы Радион ин-тун ж-а Санкт-Петербургдагы (1884) Бестужев курстарын (табият-тарых бөлүмүн) бүткөн. 1884-ж. Минусинскидеги жерг. аялдар прогимназиясынын башчысы болгон. 1887-жылдан күйөөсү Д. А. Клеменцтин бардык экспедициясына катышып, ботаника бөлүмүн жетектеген. 1897-ж. Түн. Монголияга барган учурда Тонйукукка арналган эстеликти тапкан.

Ад.: *Адрианов А. В.* (некролог). Памяти супругов Клеменц//ИВСОРГО. Т. 45. СПб., 1917.

КЛЕОПА́ТРА VII (б. з. ч. 69, Александрия – б. з. ч. 30, ошол эле жер) – Птолемейлер династиясынын акыркы падышасы, Птолемей XIIнин (Авлеттин) кызы, Птолемей XIIIнүн карындашы ж-а аялы, 51-жылдан мамлекетти аны м-н кошо



Клеопатра VII тирүү кезинде жасалган оригиналдын мрамор көчүрмөсү. Б. з. ч. 40-ж. чен; Берлин, Мамл. музей.

бийлеген. Күйөөсүнөн бийлик талашып, 48-ж. Сирияга куулган. 47-ж. Александрия согушунан кийин Ю. Цезардын жардамы м-н Египетке кайра келген. Цезардан уулдуу болгон (Цезарион). К. 41-жылдан М. Антонийдин союздашы болуп, 37-ж. ага турмушка чыккан. Октавиан (Август) м-н болгон согушта женилгенден кийин Антоний ж-а К. өздөрүн өздөрү өлтүрүшкөн. К-ным образы ад-тта (У. Шекспир, Б. Шоу) ж-а иск-водо (Д. Рубенс, ж. б.) кенири чагылдырылган.

КЛЕРИКАЛИ́ЗМ – коом турмушунун негизи катары диний дөөлөттөрдү орнотууга, мамлекеттин коомдук-саясий ж-а маданий турмушунда диний ин-ттардын аныктоочу ролун камсыз кылуучу шарттарды түзүүгө багытталган коомдук-теол. ж-а алар м-н байланышкан саясий практикалык иштердин комплекси. К. тенденциясы көпчүлүк диндерге мүнөздүү болсо да, «К.» термини христианчылыкта (католицизмде) активдүү колдонулат. Ки[illegible]да парламентаризмдин элементи катар[illegible]ыптанган. Алгачкы клерикалдык партия[illegible]рияда түзүлүп, анын узакка созулган ишм[illegible]н Бельгиянын католиктик мамлекет ст[illegible]сактап келди. Ушул багытта клерикалдык [illegible]ия Австрия-Венгрия м-н Баварияда мамл. [illegible]аттын элементи катары чыгышкан. Азыркы Россияда «К.» терминин православие чиркөөсүнүн миссиясын кенейтүү демилгесин (мамл. ЖӨЖдордо теол. билим берүү, мектептерде дин мад-тын окутуусу киргизүү) негативдүү сындоо үчүн пайдаланылат.

КЛЕРМО́Н-ФЕРРА́Н – Франциянын борб. бөлүгүндөгү шаар. Овернь регионунун борбору. Пюйде-Дом департаментинин адм. борбору. Борб. массивдин чегинде, Алье д-нын (Луаранын куймасы) ороонундо, 1465 *м* бийикте жайгашкан. Калкы 137,7 мин (2008; шаар айланасы м-н 400



Шаардын борборундагы Нотр-Дам-дю-Пор базиликасы. 11–12-к.

мин). Маанилүү жол тоому. Алгач грек тарыхчысы Страбон тарабынан Немоссос деп эскерилет. Б. з. ч. 1-к-дын ортосунан Рим бийлигинин астында, 5-к-да епископтуктун борбору болгон. 507-жылдан Вестгот королдугунун, 6-к-дын ортосунан Франк мамлекетинин курамына кирген. 1630-ж. кошуна Монферран ш. м-н кошулуп (1731-ж. толугу м-н), азыркы атында. Эски Клермондо готика ж-а ренессанс стилиндеги турак жайлар сакталган. Роман стилиндеги Нотр-Дам-дю-Пор базиликасы (11–12-к.) *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. К.-Ф. – Франциядагы илим м-н билимдин ири борбору. Резина-тех. о. ж. онуккон (шаарда «Michelin» концернинин штаб-квартирасы жайгашкан). Металл иштетүү, пластмасса ондүрүү, тамак-аш, кагаз, полиграфия, фармацевтика,

текстиль о. ж. ишканалары иштейт. Ун-ттер, ин-ттар, соода жогорку ж-а улуттук салык мектептери, муниципалдык ж-а калк китепканалары (1902; Франциядагы эң ири), музейлер ж. б. бар. Жыл сайын кыска метраждуу фильмдердин, жаз (198[illegible] жылдан) ж-а заманбап музыкалардын эл аралык фестивалдары, спорттук ар түрдүү мелдеш[illegible]ер өткөрүлүп турат. Шаарга жакын Руайя[illegible]ьнеол. курорту, шаардан 15 *км* батышта «[illegible]лкания» жанартоо паркы (аянты 57 *га*), шаар айланасында байыркы Рим доорунун коптөгөн эстеликтери жайгашкан.

Р. Карачалова.

КЛЕ́ТКА – бардык тирүү организмдердин түзүлүш ж-а тиричилик аракетинин негизи; өз алдынча жашоо, көбөйүү ж-а өөрчүүгө жөндөмдүү эң жөнөкөй тирүү система. К. өз алдынча организм түрүндө (бактериялар, жөнөкөйлөр, кээ бир балырлар ж-а козу карындар) же көп К-луу өсүмдүк ж-а жаныбар тканынын курамында болот. Вирустар К-лык организм эмес. К-нын өлчөмү 0,1–0,25 *мкм*ден (бактерия) 155 *мм*ге чейин (төө куштун жумурткасы) болот. К. сыр-



Клетканын түзүлүшү: 1 – лизосома; 2 – ядро; 3 – хроматин; 4 – ядрочо; 5 – эндоплазма торчосу; 6 – митохондрия; 7 – микросома; 8 – пластинка сымал комплекс; 9 – клетка мембранасы; 10 – вакуоль; 11 – ядро мембранасы; 12 – рибосома; 13 – центросома.

тынан плазма мембранасы м-н капталган протоплазмадан – ядро ж-а цитоплазмадан турат. Бардык К-лардын ген. аппараты бар. Ал эукариоттук К-ларда ядродо жайгашкан. Прокариоттун ядросу жок, ген. материалы цитоплазмада эркин жайгашкан. К. бөлүнүү жолу м-н көбөйөт. Жыныс К-сы мейоздук бөлүнүүдө пайда болот.



Клетканын түрлөрү: 1, 3, 7 – эпителий тканынын клеткалары; 4, 10 – кан клеткалары (4а – лейкоцит; 4б – лимфоцит, 10 – эритроцит); 5 – булчуң тканынын клеткасы; 6 – нерв клеткасы; 8 – жыныс клеткасы (сперматозоид); 9 – сөөк клеткасы.

Эукариоттук К-нын цитоплазмасында ар бири белгилүү функция аткарган органоиддери бар: рибосомалар, митохондриялар, эндоплазма торчосу, Гольжи аппараты, лизосомалар, К. мембранасы. Булардан башка К-нын формасын, ички скелетин түзүүчү структуралар микротүтүкчөлөр, микрофибриллдер ж-а кошундулар болот. К-нын органоиддеринин мембраналуу болушу эң кичине коломдүү К-да бир эле мезгилде бир нече процесстердин жүрүшүнө мүмкүнчүлүк түзөт. Эукариоттук К-лар м-н прокариоттордун ортосунда айырмачылык м-н катар окшош жактары да бар: экөөндө тең бирдей функция аткаруучу плазма мембранасы, К. кабыкчасы, белок синтездоочу органоид – рибосома, ген. материал – ДНК, зат алмашууга катышуучу фермент аппараттары ж. б. бар. Бул окшоштуктар алардын К-лык түзүлүштөгү организмдер экенин далилдейт. Эукариот К-лар түзүлүшүндөгү өзгөчөлүктөрү б-ча жаныбар ж-а өсүмдүк К-ларына бөлүнөт. Өсүмдүк К-сынын плазма мембранасынын үстүндө катуу К. кабыкчасы бар. Адистештирилген өсүмдүк К-сында бир нече же борб. бир вакуолу болот. Вакуолдо туз, орг. к-талар, углеводдор, алкалоиддер ж. б-дын эритмеси болуп, өсүмдүктүн суу алмашуусунда ролу чоң. Бир эле организмдин орган ж-а ткандарынын К-лары аткарган кызматына байланыштуу өзгөчө түзүлүштө болуп, ошолорго гана мүнөздүү органоиддери болот. Мис., булчуң К-ларынын миофибриллдери, нерв К-ларынын нейрофибриллдери, жашыл жалбыректын К-ларынын хлоропласттары ж. б. Ядросу жок К-лар да кездешет (эритроциттер, тромбоциттер). К-нын түзүлүшү, формасы ар түрдүү. Өзгөрүлмө (амёба, лейкоциттер) ж-а туруктуу формадагы К-лар кездешет. Инфузория, эритроцит ж-а нерв К-лары өзүнө гана мүнөздүү туруктуу формада болот. Алардын формасы беттик тартылышка, жанаша жаткан К-лардын таасирине, жайгашкан чөйрөсүнө байланыштуу. Өсүмдүк ж-а жаныбар ткандарынын К-лары бири бирине жа-

саган кысымдардын таасиринен көп кырлуу. К. ж-дөгү илим – *цитология*.

КЛЕ́ТКА ТЕОРИЯСЫ – тирүү организмдердин келип чыгышы, өнүгүшү ж-а түзүлүшү бирдей экендигин далилдеген биол. жыйынтык. Өсүмдүктүн клеткалык түзүлүшүн биринчи болуп англ. физик Р. Гук (1665) байкаган. Андан кийин голл. табият таануучу А. Левенгук (1680) бир клеткалуу организмдерди ачкан ж-а биринчилерден болуп жаныбар клеткасын (эритроциттер) көргөн. Кийинчерээк итал. окумуштуу Ф. Фонтана (1781) жаныбар клеткасын сүрөттөп жазган. Өсүмдүк клеткасынын ядросун англ. окумуштуу Р. Броун (1831) ачкан. К. т-н түзүүгө немис физиологу Т. Шванн чоң салым кошкон. Өсүмдүк ж-а жаныбарлардын ткандык түзүлүшүн салыштырып, алардын клеткалык түзүлүшүнүн ж-а өсүүсүнүн окшоштугун көрсөткөн. Кийинчерээк К. т-нда көбүнчө бир клеткалуу организмдер изилденип, клетканын негизги компоненти болгон ядро ж-а протоплазма ж-дөгү түшүнүк калыптанып, клетканын бөлүнүшү далилденген. Митоздук бөлүнүүнүн ж-а клетканын негизги органоиддеринин ачылышы, кийинчерээк биохимиянын ж-а мол. биологиянын өөрчүшү м-н клетканын түзүлүшү ж-а аткарган кызматы, тирүү табияттын клетка деңгээли ж-дөгү азыркы түшүнүктөр калыптанган. Клетканын түзүлүшү, тиричилик-аракети ж-а өөрчүшү ж-дөгү жаңы маалыматтардын алынгандыгына карабастан, К. т-нын негизги жоболору өзүнүн маанисин жоготкон жок: 1) клетка – тирүү организмдин эң жөнөкөй бирдиги; 2) ар түрдүү организмдин клеткалары өзүнүн түзүлүшү, хим. курамы, зат алмашуусу б-ча гомологиялуу; 3) жаңы клетка өзүндөй эле (баштапкы) клеткадан бөлүнүү жолу м-н пайда болот; 4) көп клеткалуу организмдер бүтүн ткань ж-а органдар тутумуна бириккен, бири-бири м-н жөнгө салынуунун клетка аралык, гумордук ж-а нервдик байланышкан клеткалардын татаал тобу. Азыркы К. т. көп клеткалуу организмди өз ара аракеттенишкен ж-а кызмат аткарган татаал система катары карайт. Клетканын негизги түзүлүш элементи ядролуу эукариот, о. эле ядросуз прокариотко да окшош болот. Вирустар өз алдынча жашай албайт ж-а өзгочо клетка митеси экендигине карабастан, алардын жашоосу тирүү организмдин клеткалык түзүлүшүнүн жалпы бирдейлигин бекемдейт. Ошону м-н бирге баарыдан мурда хим. курамынын ж-а зат алмашуусунун окшоштугун далилдейт. Нуклеин к-талары ж-а белоктор клетка тиричилигиндеги маанилүү болуктор, алардын синтезделиши ж-а айланышы жалпы бирдей ж-а бардык тирүү организм клеткасында бири бирине окшош.

Т. Доолоткелдиева.

КЛИВА́Ж, к. *Тектоника*.

КЛИ́ВЛЕНД – АКШнын түн.-чыгышындагы шаар. Огайо штатында. Эри көлүнүн түш. жээгинде, Кайахога д-нын чатында жайгашкан. Калкы 432,0 мин (2009; шаар айланасы м-н 3 млн). Автомагистраль ж-а т. ж. түйүнү. Хопкинс эл аралык ж-а Берк аэропорттору бар. Эри көлүндөгү порт. Метрополитен иштейт. АКШнын финансы-соода, илим, билим ж-а маданий ири борбору. Кара металлургия, металл иштетүүчү, электр-тех., хим., полигр. о. ж. ишканалары иштейт. Ун-тте[illegible]л.-из. борбору, музей (а. и. рок-н-ролл), те[illegible]р (а. и. АКШдагы эң ири Плейхаус-сквер [illegible]кси) бар. 1796-ж. генерал М. Кливленда [illegible]кспедициясы тарабынан негизделген. 183[illegible]дан шаар статусуна ээ. 1870-ж. Ж. Д. Ро[illegible]р К-де «Standard Oil» компаниясын негизд[illegible]ал кийинчерээк эл аралык ири корпорацияга айланган. 1920-жылдардын башында эле АКШдагы эң ири о. ж. борбору ж-а калкынын саны б-ча 5-шаар болгон. Паблик-сквер аянтында ар деко стилиндеги «Терминал Тауэр» (1926–30; бийикт. 216 *м*), постмодернизм стилиндеги «Ки Тауэр» (1991; 290 *м*) ж-а «200 Паблик-сквер» (1987; 216 *м*) ж. б. көптөгөнасман тиреген үйлөр жайгашкан. Пианисттердин эл аралык конкурсу (1975; эки жылда бир), индия салттуу музыкасынын (АКШдагы эң ири) ж-а эл аралык кино фестивалдары өткөрүлүп турат. Ботан. бак ж-а зоопарк уюштурулган.

КЛИ́МАКС (гр. klimax – шаты) – адамдын жыныс органдарынын функциясы акырындап басандоочу физиол. мезгил. Ал организмдин картайышына байланыштуу. Эркекте 50–60 жашта башталып, узакка созулат, көпчүлүгүнүн жыныс безинин функциясынын басандашы башка оорулар м-н коштолбойт. Жыныс гормондорун иштеп чыгаруучу клеткалардын саны азайып, жыныс гормондорунун төмөндөшүнө алып келет. Жүрөктүн түшү ооруп, кагышы тездейт, артерия басымы көтөрүлүп, башы айланат, көңүлү чөгөт, санааркайт, уйкусу качат, унутчаак болуп, ишке жөндөмү төмөндөйт. Айрым учурда жыныстык жөндөмдүүлүгү басандайт. Аялда 45–50 жашта башталат. Кээде эрте (35–36 жашында) башталып, ага көбүнчө *ангина*, *грипп*, өнөкөт тонзиллит, *гайморит* ж. б. себеп болот. К. убагында *гипофиздин* ж-а жыныс системасынын ишин жөнгө салуучу нейрогормондорду бөлүп чыгаруу начарлайт. Аялда 3–5 жылча (этек кир таптакыр токтогуча) созулат. Анын алгачкы белгиси – этек кирдин келбей калышы. Кээ бир аялдарда 3–4 айда бир келсе, айрымдарда тез-тез келет. Көпчүлүк аялдын организминде анча өзгөрүү болбойт. К. учурунда гипоталамус тканында өзгөрүүлөр болуп, жыныс системасына таасир этүүчү гормон бөлүп чыгаруу бузулат. Натыйжада энелик бездер, энелик клеткалар өөрчүбөй, жатындын былжыр чели жукарат, андан энелик безге ж-а гипоталамуска кеткен нерв импульстары начарлайт. Организмдеги мындай өзгөрүүлөр кан тамырдын ж-а нервдин бузулушуна алып келет. Бул учурда климактерий синдрому деп аталган ар кандай белгилер пайда болот (күнүнө бир нече жолу оң кубарып, көл-шал тердөө, себепсиз тынчы кетүү, коркуу, туталануу). Айрым учурда артерия басымы көтөрүлөт, [illegible]өктүн кагуусу тездейт же жайлайт, мезгилсиз жүрөк, көкүрөк ж-а жүрөк тушу ооруйт, [illegible]өк-кан тамырдын иштөөсү бузулат. Башы айлып, кулагы дүңгүрөйт, денеси чымырайт, уйкусу бузулат. К-та болгон организмдеги өзгөрүүлөр, адатта, өзүнөн-өзү жоголот, себеби организм акырындап жаңы физиол. шартка ынгайланат.

Ад.: *Смежных. В. П.* Медицина климактерия. М., 2006.

КЛИ́МАТ (гр. klima – жантаюу; klimatos – күн нурунун жер бетине жантайып тийүүсү) – жер бетинин белгилүү бир болүгүндөгү аба ырайынын көп жылдык калыптанган режими. Байыркы гректер Жер шарынын К-ы негизинен күн нурунун жер бетине кыйгач тийишине байланыштуу экенин билишкен; мис., ысык алкактарда күн нуру жер бетине тик, мелүүн алкактарда бир кыйла кыйгач түшөт, ал эми Түн. ж-а Түш. уюлдарда Күн бир нече ай корунбой да калат (к. *Уюлдук түн*). Ошого байланыштуу «климат» түшүнүгү пайда болгон. *Климатты пайда кылуучу процесстерге* жылуулук м-н нымдуулуктун алмашуусу, атм. циркуляция ж. б. кирет. К-тын негизги мүнөздөмөсү белгилүү бир жердин аба ырайына (атм. басым, шамалдын ылдамдыгы м-н багыты, абанын темп-расы ж-а нымдуулугу, булуттуулук, атм. жаан-чачын ж. б.) көп жылдык байкоо жүргүзүүнүн негизинде аныкталат. К-тын ар кандай болушуна геогр. факторлор (кендик, кургактык м-н деңиздердин жайгашуусу, океан агымы, бийиктик алкактуулук, жер бетинин рельефи) таасирин тийгизет. Жер К-ы геол. доорлордо дайыма өзгөрүп келген. Азыркы учурда жер бетинин К-ы геогр. кендиктерге ылайык экватордук, 2 субэкваторлук, 2 тропиктик, 2 субтропиктик, 2 мелүүн, субарктикалык, субантарктикалык, арктикалык, антарктикалык климаттык алкактарга бөлүнөт. Ээлеген аймагы б-ча макроклимат, мезоклимат, микроклимат; аба ырайынын мүнөзүнө карай ысык, мелүүн, суук, континенттик, деңиздик, тоо, уюлдук ж. б. К-тарга ажыратылат. К. табияттын бир компоненти болуу м-н, ал суу режимине, топуракка, өсүмдүк ж-а жаныбарлар дүйнөсүнө, о. эле адамдын ден соолугуна, турмуш-тиричилигине ж-а чарбасына таасирин тийгизет. Кырг-ндын аймагы мелүүн климаттык алкактын чөл зонасынан орун алган; жалпысынан континенттик климат үстөмдүк кылат; Кырг-н тоолуу болгондуктан, ага К-тын бийиктик б-ча өзгөрүүсү да мүнөздүү (к. *Бийиктик алкактуулук*).

Ад.: Климат Киргизской ССР / Под ред. *З. А. Рязанцева*. Фр., 1965; *Голицын Г. С.* Введение в динамику планетных атмосфер. Л., 1973; *Монин А. С., Шишков Ю. А.* История климата. Л., 1979; *Будыко М. И., Ронов А. Б., Яншин А. Л.* История атмосферы. Л., 1985; *Будыко М. И., Голицын Г. С., Израэль Ю. А.* Глобальные климатические катастрофы. М., 1986; Антропогенные изменения климата./ Под ред. М. И. Будыко, Ю. А. Израэля. Л., 1987.

КЛИ́МАТ МЕНЕН ДАРЫЛОО – ден соолукту чыңдоо ж-а оорулууну дарылоо максатында туруктуу жашаган жердин ж-а санаторий-курорттордун климат шартын пайдалануу. Ал өз алдынча дарылоо ыкмалары м-н айкалыш жүргүзүлөт. К. м. д-го аба (аэротерапия), күн (гелиотерапия) м-н дарылоо, деңизге, көлгө түшүү ж. б. кирет. Климаттык курортто дарылануунда жүрөк-кан тамыр системасынын ж-а дем алуу органдарынын функциясы жакшырып, кандын курамы оңолуп, кычкылтек м-н канигуусу жакшырат, күн нуру зат алмашууну күчөтөт, анын таасиринен Д витамини пайда болот, организм чындалып, ооруларга байымдуулугу жогорулайт. Климатты кескин өзгөртүү (мис., күн ысык кезде өлкөнүн түн., о. эле башка аймактарынан түштүккө көчүү) организмдин ынгайлануу мүмкүнчүлүгүнө чоң талап коёт. Улгайган, узакка ооруган, дем алуу, жүрөк-кан тамыр, нерв системасы бузулган кишилердин, кичине балдардын ынгайлануу реакциясы начар болгондуктан, жалпы абалы начарлап, оорусу кармап калышы ыктымал. Мындай кишиге өзүнө көнүмүш климаттык шартта дарылангары он.

КЛИМАТОЛО́ГИЯ (*климат* ж-а *...логия*) – Жер шарынын климаты, анын типтери, пайда болуу факторлору, таралуу ж-а мезгилге карай өзгөрүү закон ченемдери ж-дөгү илим. География илиминин системасына кирип, метеорология ынын маалыматтарына таянат. Жалпы же физ. К-га ж-а климатографияга бөлүнөт. Атмнын бийик катмарларын аэроклиматология, жер бетиндеги аба катмарын микроклиматология, геол. ж-а өткөн тарыхый мезгилдердикин палеоклиматология изилдейт. Колдонмо К-га биоклиматология, агроклиматология, курорт К-сы, мед. К. ж. б. кирет.

Ад.: *Сорокина Е. Н., Гущина Д. Ю.* Климатология. География климатов. М., 2006.

КЛИ́МАТ СЕЗОНДОРУ – белгилери (жылуулук режими ж-а нымдуулук шарттары) м-н өзгөчөлөнгөн, бир нече айга созулган жыл мезгилдери. Экватор алкагында абанын темп-расынын жылдык амплитудасынын аздыгына ж-а туруктуу нымдуулугуна байланыштуу климаттык сезондуулук дээрлик байкалбайт. Мелүүн алкактарда к ы ш, ж а з, ж а й ж-а к ү з, субэкваторлордук, тропиктик, бир аз субтропиктик алкактарда К. с. негизинен жаан-чачын режими б-ча к у р г а к (жаан-чачын өлчөмү аз) ж-а н ы м д у у с е з о н г о (жаан-чачын өлчөмү бир кыйла

арбын) болуңот. Сезондордун алмашышы негизинен атм-нын жалпы циркуляция (циклон м-н антициклондордун сезондук аралашуусу) озгочолуктору м-н шартталган. Уюлдук аймактарда кыш узакка созулуп, кыска болот, отмо К. с. жок.

КЛИМАТТЫК АЛКАКТАР – Күндөн жылуулукту алышы, о. эле атм-нын жалпы айланышынын озгочолугу б-ча бири-биринен айырмаланган жер бетинин кендик же субкендик багытындагы тилкелери, к. *Климат*.

КЛИМАТТЫК КАРТАЛАР – белгилүү бир аймактын климаттык шарттарын, озгочолукторун, о. эле аны пайда кылуучу атм. процесстерди (мис., циклондор м-н антициклондордун кыймылы) чагылдырган карталар. Коп жылдык, сезондук, айлык маалыматтардын негизинде түзулүп, копчулук учурда изосызыктардын жардамы м-н чагылдырылат.

КЛИМАТТЫК ОПТИМУМ – тортунчулук мезгилдин муз каптоолор аралыгындагы ж-а алардан кийинки убактагы климаттын жылуулугу. Акыркы К. о. палеонтол. ж-а геол. маалыматтар б-ча голоценде (мындан 6,2–5,3 мин жыл мурун) байкалган. К. о-да бүткүл планетада жылуу ж-а нымдуу климат окум сургон, мелүүн алкактын токой зонасы болжол м-н 5° түндүкко жылган, каралжын ийне жалбырактуу токойлор Баренц деңизинин жээгинде осүп, Азияда тайга Челюскин тумшугуна чейин жеткен, Сахараны саванна эөлеп, Чад колунун деңгээли 40 *м*ге которулгон. Муз эрип, тез чегинген. Дүйнөлүк океандын деңгээли которулгон.

КЛИМАТТЫК РАЙОНДОШТУРУУ – Жер шарынын же анын айрым болукторунун (океан, материк, олко ж. б.) алкактарга, зоналарга ж-а облустарга климаттык шарттары (мис., атм. циркуляциясы, темп-ралык режими, нымдуулук деңгээли) б-ча болүнүшү; К. р. климатты классификациялоо м-н тыгыз байланышта болуп, климаттык чек араларды жүргүзүү критерийлери м-н айырмаланат. Жердин климаттык системасын алгач А. *Гумбольдт* (19-к-дын башы) жазган. А. И. *Воейков* климаттын физ. маңызын ачкан, климатты пайда кылуучу процесстердин ролун ж-а жаратылыштын башка компоненттери м-н болгон оз ара байланышын карап чыккан, Жердеги климаттын түрдүү типтерин геогр. кендик б-ча болүнүшүнө байланыштырган. Россиялык немис географы, метеорологу ж-а климатологу В. П. Кеппен абанын орт. темпрасы м-н атм. жаан-чачын суммасын болуштүрүү б-ча, ал эми Л. С. *Берг* климат аркылуу аныкталган геогр. ландшафт б-ча райондоштурса, орус климатологу Г. Т. Селянинов жер шары, тропик, субтропик, мелүүн, арктика ж-а антарктика алкактарынын вегетация шарттары б-ча темп-ра режими м-н жаан-чачын озгочолукторун эске алып, агроклиматтык райондоштурууну жүргүзгөн. А. А. Каминский Россиянын европ. болугү м-н О. Азиянын К. р-сун жүзого ашырган. Б. П. Алисов атм-нын жалпы циркуляциясынын озгочолуктору б-ча К. р. түзгөн. К. р. климатты пайда кылуучу процесстерге негизделип, геогр. факторлорго, айрыкча Жерге келип түшүүчү күн нурунун таралуусуна зоналуулук м-н сезондуулукту аныктоочу геогр. кендиктерге, абанын темп-расына, атм. басымга ж. б. байланыштуу. Бирок, климаттык алкактар м-н зоналардын чектери кендик зоналуулукка гана туура келбестен, жер шарын дайынма эле текши курчабайт (мындай учурда зоналар облустарга болүнүп, бири-бири м-н туташпайт). К. р-га Түн. ж-а Түш. жарым шарларда кургактык м-н деңиздин болүнүшү зор таасир берет. Түн. жарым шарга кургактыктын негизги массиви жайгашкандыктан, анын климаттык шарттары Түштүгүнө караганда континенттүүроок. Түн. жарым шарда абанын орт. темп-расы январда 8°С, июлда 22°С болсо, түштүгүндө 17° ж-а 10°С. Жердин ото жылуу параллели – термиялык экватор, анын темп-расы 27°С, январда гана геогр. экватор м-н дал келет. Июлда 20° түн. кендикке чейин жылат, жылдык орт. абалы – 10° түн. кендик ченде. Термиялык экватордон уюлдарды карай темп-ра орто эсеп м-н 0,5–0,6°Сге чейин (тропиктерде ото жай, башкаларында тез) томондейт. Ошондуктан океандарга караганда материктердин ички аймактарында (айрыкча мелүүн алкакта) абанын темп-расы жайында жогору, кышында томон болот. К. р-да жылуулук м-н ным алмашуу ж-а атм. циркуляциясы эске алынат, ал эми климаттын тиби геогр. факторлор (геогр. кендик, кургактык м-н деңиздин болүштүрүлүшү, топурак тиби, осүмдүк ж-а кар катмары, океан агымдары, деңиз муздуктары ж. б.) м-н аныкталат. О. эле к. *Жер, Климат, Климатология, Климаттык алкактар*.

КЛИМАТТЫК РЕСУРСТАР – күн м-н шамал энергиясын, нымды камтыган түгонгүс табигый ресурстар. Бул ресурстарды адамдар материалдык ж-а материалдык эмес иштеринде түздөн-түз пайдаланбайт, пайдалануудан түгонүп калбайт, бирок бузулушу (булганышы) же кылдат мамиле жасалса оңолушу мүмкүн. Агроклиматтык ж-а рекреациялык ресурстарга вегетация мезгилиндеги жаан-чачындын олчому, абанын темп-расы, күн радиациясынын ургаалдуулугу ж. б. кирет.

КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮ – Жер шарындагы же анын ири болүгүндогү климаттык шарттын узак убакыт бою (10 жылдан ашык) бир багытта же ыргактуу озгорүүсү. Геологиялык К. о. палеогеогр. изилдоолордун негизинде Жердин тарыхында узак убакыт бою жылуу ж-а суук мезгилдердин болгондугун далилдейт. Тарыхый К. о. негизинен археол. ж-а жыл баяндамаларынын маалыматтары акыркы бир

нече миң жылдын ичинде климат кескин озгорбогондугун айгинелейт; мис., КМШнын аймагында эң жылуу ж-а кургакчыл климат 13-ж-а 19–20-к-да болгон. Азыркы К. о. метеорол. байкоолорго, о. эле дендрохронол. ж. б. ыкмалардын негизинде акыркы ондогон (кээде жүздогон) жылдарды камтыйт; анда климат циклдик озгорүүлөр болгондугу аныкталат.

КЛИМАТТЫ ПАЙДА КЫЛУУЧУ ПРОЦЕССТЕР – Жердин ар кайсы айрым региондун климатын аныктоочу жаратылыш процесстери. Жалпы Жер үчүн К. п. к. п.: жылуулук айлануу (жер бети м-н атм-нын ортосундагы жылуулук ж-а ным алмашуу процесстерин камтыйт); атм-нын жалпы циркуляциясы (айрым региондор үчүн жерг. циркуляция, мис., *бриз*, тоо-ороон шамалдары ж. б. маанилүү). Үч негизги К. п. к. п. бири-бири м-н тыгыз байланышта болуп, климаттын ар бир элементинин режими алардын биргелешкен таасиринен калыптанат. К. п. к. п. конкреттүү геогр. шартта жүрүп, анын натыйжасына таасирин тийгизет. Анын эң маанилүүсү *географиялык кендик* (ага түшкөн күн нурунун олчому, түшүү узактыгы, суткалык ж-а сезондук озгорүүсү, абанын темп-расы, атм. басым ж. б. байланыштуу) ж-а аба агымынын озгочолукторун аныктаган Жердин айлануу күчүнүн кыйшаюусу (*Кориолис күчү*). Деңиз деңгээлинин бийиктиги атм-дагы ж-а тоодогу климаттык шарттарга таасир этип, бийиктик климаттык алкактарды (к. *Бийиктик алкактуулук*, *Климаттык райондоштуруу*) пайда кылат. Бийиктиги жүздогон ж-а миндеген *м*ге жеткен аз аралык климатка кендик б-ча миндеген *км*ге тете таасирин тийгизет. Анткени тоолор ж-а тоо тизмектери аба агымын, темп-раны, булуттуулукту, жаан-чачынды экинчи капталына откөрбөй кармап калат. Кургактык м-н деңиздердин болушу материктер м-н океандардын климатынын айырмачылыгын жаратат. Ал айырмачылык топурак м-н суунун үстүнкү катмарлары жылуулукту түрдүүчө сиңирип алышына ж-а таралышына байланыштуу. Деңиздик климаттык шарт аба агымдары м-н материктерге терең кирип, ал эми континенттик климат океандардын чектеш болуктөрүнө таасирин тийгизет. К. п. к. п-де жылуу ж-а муздак океан агымдарынын таасири зор. Жогорку кендиктерде жылуу агым атм-ны жылытып, томонку кендиктерде муздак агым атм-ны муздатат. Жылуу агымдардын үстүндө аба массалары жылып, жаан-чачынды алып келүүчү конвекциялык булут пайда болот. Жылуу аба *адвекциясы* көбүнчө океандын батыш жээктеринде байкалат. Муздак агымдар континенттен соккон жылуу абанын адвекциясында атм. конвекциясына, булуттун пайда болуусуна тоскоолдук кылат; анын үстүндө аба массасы трансформацияланып, материктерге суук алып келет. Тонгон кыртыштын үстүнө жылуу аба келсе, туман пайда болот. Топурактын чагылдыруу жөндомдүүлүгү (*альбедо*) м-н нымдуулугу негизги мааниге ээ. Радиацияны сиңирүүдө ж-а чагылдырууда ным ж-а шамал осүмдүктөрго таасирин тийгизет. Климатты пайда кылууда кургактыкта ж-а деңизде сезондук ж-а туруктуу кар же муз катмарынын, тоолордо фирн талааларынын ж-а мөңгүлөрдүн мааниси зор. Антарктиданын ж-а Гренландиянын үстүндөгү туруктуу муз калкандары, уюлдук аймактардагы калкыма муздар темп-ранын режимине, шамалга, булуттуулукка, нымдуулукка таасирин тийгизет. Түн. ж-а түш. жарым шарларда *Антарктика антициклону* м-н *Гренландия антициклону* ири масштабдуу атм. циркуляциясынын озгочолуктөрүн аныктайт. Гренландия м-н Антарктиданын муздуктарына жааган кар алардын чет-жакаларынан кертилип түшкөн айсбергдердин ордун толуктап турат. Кар ж-а муз катмары жогорку альбедого (нурду чагылдыруу жөндомдүүлүгүнө; 60–70%) ээ. Кар ж-а муз катмары жылуулук алмашууда абанын темп-расын, жер бетинин жарыкроосун ж-а буулануусун төмөндөтөт.

Климатты пайда кылуучу негизги фактор – атм. абасынын курамы. Ал жаратылыш процесстеринен (жанартоонун атылышынан, ири токой массивдеринин орттолүшүнөн, чандуу ж-а кумдуу бороондон), адамдын техногендик иш-аракеттеринен (о. ж. ишканалары ж-а автомобилден чыккан таштандыны орттөөдөн) дайыма озгорүп турат. Натыйжада атм-да көмүр кычкылынын ж. б. газдардын олчому көбөйүп, *парник эффектисине* алып келет, *аэрозолдордун* хим. курамы ж-а олчому озгөрөт.

Глобалдык К. п. к. п. (мис., континенттердин дрейфи, Жер орбитасынын параметрлеринин озгорүшү ж. б.) млндогон жылдар ичинде, ал эми региондук процесстер (ландшафттын жасалма же табигый алмашуусу, ири көлмөлөрдүн пайда болушу же жоголушу ж. б.) жүздогон жылдар ичинде климатты озгөртөт.

Ад.: Тепловой баланс Земли / Под ред. М. И. Будыко. Л., 1978; *Кароль И. Л.* Введение в динамику климата Земли. Л., 1988; *Кислов А. В.* Климат в прошлом, настоящем и будущем. М., 2001.

КЛИМЕНКО Михаил Дмитриевич (1911, Ысык-Кол обл., Түп р-ну, Михайловка айылы – 1983, ошол эле жер) – механизатор, Соц. Эмг. Баатыры (1951). 1934-жылдан Ак-Суу ж-а Түп р-ндорундагы МТС-терде трактөрчү, комбайнчы болуп иштеген. Дан бастырууда чон ийгиликтерге жетишкен. Ленин, эки Эмгек Кызыл Туу ордендери м-н сыйланган.



КЛИМО́К Виктор Иванович (1946-ж. т., Петрозаводск ш.) – математик, физика-математика илимд. доктору (1990), КМУну (1969), СССР ИАнын аспирантурасын бүтүргөн. Ошол эле жерде улук ил. кызматкер, МИде лабор. башчысы, 1992-жылдан КР УИАнын борб. ил.-из. лабор. башчысы. Эсептөө математикасы ж-а колдонмо геофиз. гидродинамика б-ча адис. 100дөн ашык ил. эмгеги, а. и. 1 монографиясы жарык көргөн.

Эмг.: Математические модели циркуляции в океане (в соавторстве). Новосибирск, 1980; Численное моделирование влияния основных ветров на тепломассоперенос в озере Иссык-Куль (в соавторстве)//Водные ресурсы. Б., 1992. № 1.

КЛИМЧУ́К Трофим Степанович (1899, азыркы Беларусия, Брест обл., Высоковск р-ну, Волковичи кыш. – 1972, Кыргыз ССРи, Аламүдүн р-ну, Ленин айылы) – а. ч. ишмери, Соц. Эмг. Баатыры (1965). 1930-жылдан Кырг-нда Кызыл-Суу, Ак-Суу, Базар-Коргон, Кызыл-Кыя, Ворошилов МТСтеринде директор (1933–37-, 1941–55-, 1938–40) Кыргыз ССР жер иштери эл комиссариатында пахтачылык башкармалыгынын начальниги, 1955–68-ж. Аламүдүн р-нундагы Ленин атн. колхоз башкармалыгынын төрагасы болуп иштеген. Ал башкарган колхоз кызылчанын ар гектарынан 451 цден түшүм алууга жетишкен. Ленин, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.



КЛИ́НИКА (гр. clinikê – дарылоо) – оорулууну дарылоочу, студенттерди ж-а врачтарды окутуучу, о. эле ил.-из. иштер жүргүзүлүүчү оорукана тибиндеги мекеме. К. бардык мед. ЖОЖдо, врачтардын билимин өркүндөтүү ин-ттарында, о. эле көбүнчө ИИИлерде болуп, К-лык оорукана деп аталат.

КЛИ́НОПИСЬ – шарттуу белгилер (сүрөтчөлөр) же идеограммалардан (к. *Идеографиялык жазуу*) турган жазуунун бир түрү. Шынаа формасына окшош болуп тилкесинен жазылган. Шумер ж-а ассириялыктардын байыркы жазуулары. К. Алдынкы Азияда колдонулган. Б. з. ч. 3-миң жылдыкта шумерлер нерселерди ж-а жалпы түшүнүктөрдү К. түрүндө жаза башташкан. Белгилердин саны миңдеп саналган. Мис., жылдызды билдирген белги кудайдын атын да (dungir), асманды да (an) ж-а муунду да (an) туюндура алган. Ошентип муундук жазуу башталган. Атоочтук же этиштик негиз анда идеограмма м-н (түшүнүк белги м-н) туюндурулган. Түрдүү маанини туюндурган бирдей аталыштагы негиздер (омофония) ар башка белгилер м-н жазылган. Ар бир белги бир нече мааниге ээ болгон. Жазуунун өнүгүшү м-н белгилердин саны 600гө чейин азайып, сүрөт[illegible] жөнөкөйлөштүрүлгөн. К. жазуусу алгач о[illegible]н солго өйдөдөн ылдый жазылган. Кийин сол[illegible] оңду карай жазыла баштаган. Флективдүү [illegible]т тилинде сүйлөгөн аккаддыктар (аккадды[illegible]р ж-а ассириялыктар) б. з. ч. 3-миң жыл[illegible]тын ортосунда К. жазуусун өздөштүрүшкөн. [illegible]дар белгилердин санын 300гө чейин азайтып, аккаддыктардын фонет. жагдайына ылайык муундук жаңы маанилерди түзүшкөн. Сөздөрдү жазууда фонет. (силлабикалык) жазууну колдонушкан. Б. з. ч. 1-миң жылдыктын 2-жарымында аккаддык түзүлүштөгү К. элам, хуррит, хетт – лувий, урарту тилдеринде сүйлөгөн элдерге тараган да, диний ж-а юрид. максатта колдонулган. К. жазуу эстеликтеринин формасы ар түрдүү (мис., призма, цилиндр, таш такта, конус түрүндө). Кеңири тараган К-тин эң көп сакталган түрү чопо такталардагы тарыхый жазуулар, эпос, сөздүк, ил. эмгек, документ, диний-магиялык тексттер.

КЛИ́НТОН Билл, Уильям Жефферсон (19. 8. 1946-ж. т., Хот Спрингс, Арканзас штаты, Хоп ш.) – мамл. ж-а саясий ишмер. АКШнын 42-президенти (1993–2000). Вашингтондогу Жоржтаун ун-тин (1968), Оксфорд ун-тин (1970) бүткөн. 1974–76-ж. Арканзас штатындагы ун-тте юрид. ф-ттин окутуучусу, 1976–78-ж. Арканзас штатынын башкы прокурору, 1978–80- ж-а 1982–92-ж. Арканзас штатынын губернатору болуп иштеген. 1992-ж. 3-ноябрда АКШда президенттик шайлоодо демокр. партиядан президент болуп шайланган. 1996-ж. 6-ноябрда экинчи жолу президенттик шайлоодо жеңишке жетишкен.



КЛИП, видеоклип – атайын эффекттерди колдонуу м-н тартылып, муз. номерди, ырды, жарнаманы коштоочу кыска метраждуу фильм.

КЛИ́ППЕРТОН АРАЛЫ Тынч океандын түн. бөлүгүндө, Мексикадан 1120 *км* аралыкта жайгашкан. Арал 7 ээн атоллдон турат. Аянты 6 *км*². Климаты тропиктик. Орт. темп-расы 20–32°С. 1521-ж. Магеллан ачкан. 1708-жылдан француздардын ээлиги. Алгачкы ил. экспедиция 1725-ж. бир нече ай бою аралда болгон. Аралды 1897-ж. Мексика басып алган. 1935-ж. Эл аралык арбитраж сотунун чечими м-н кайрадан Францияга кайтарылган. Фр. Полинезиянын жогорку комиссары башкарат. 20-к-дын башына чейин гуано (жер семирткич) казылып алынып келген. 2-дүйнөлүк согуштан кийин төлугу м-н ээн. 20-кылымдын 30-жылдарында аралга 2 жолу АКШнын президенти Франклин Д. Рузвельт келип, аскер-аба базасын түзүүнү пландаштырган.

Ад.: Остров К[illegible]ппертон // Всё о странах мира, атлас-справочник. [illegible]., 2006.

КЛИСФЕ́Н (б. [illegible]. ч. 6-к-дын 2-жарымы – 5-к-дын башы) – [illegible]айыркы Афины саясатчысы ж-а реформатор[illegible] Алкмеониддер тукумунан. Писистратийлер [illegible]ндыгына каршы кыймылды жетектеген, ан[illegible] натыйжасында 510-ж. Афиныдан Гиппий[illegible]раны кетирилип, өлкөнү К. башкарып калг[illegible]. Аттикада уруулук бөлүнүштү аймактык бөлүнүш м-н алмаштырып, 4 уруулук бөлүнүштүн ордуна 10 фил аймагын (ар бир фил тоолуу, жээктеги ж-а ички обл. болуп 3кө бөлүнгөн) түзгөн. К. уруу ак сөөктөрүнүн башкаруудагы ролун жоюп, Афиныдагы кул эолик демократиянын негизделишине шарт түзгөн бир катар реформаларды жүргүзгөн.

Ад.: *Бузескул В. П.* История афинской демократии. 2-ое изд., СПб, 2003.

КЛИФ (англ. – тик жар, урчук, зоока), жээк урчугу – жээкке урунган толкундун таасиринен пайда болгон жар, кашат. Анын этегинде туташ абразия тектирлери — бенчтер жатат.

КЛИЧКО́ Виталий Владимирович (19. 7. 1971-ж. т., Кырг-н, Москва р-ну, Беловодский айылы) – украин профессионал бокс чебери. Бир тууган К-лордун улуусу. Атасы аскер кызматкери болгондуктан, үй-бүлөсү 1985-ж. Украинага кеткен. К. 14 жашынан бокс м-н алектенген. WBO ж-а WBC версиялары б-ча оор салмактагы профессионалдар арасында дүйнөнүн чемпиону. Европанын, континент аралык ж-а *кикбоксинг* б-ча дүйнөнүн 6 жолку (4 жолу профессионалдар, 2 жолу спортту сүйүүчүлөр арасында) чемпиону. Өзүнүн профессионалдык баскычын К. 1996-ж. Гамбургдун Universum Box Promotion (Германия) клубунда баштап, К. Бёрд, Л. Льюис, К. Сандерс сыяктуу бокс чеберлери м-н таймашкан. Ал профессионалдык рингде 39 жолу беттешип, 37синин 36сын нокаут м-н жеңген (2009); 26 таймашты эң аз раундда нокаут м-н жеңген оор салмактагы 1-дүйнө чемпиону катары Гиннестин рекорддор китебине кирген. 2004-ж. боксту таштап, 2008-ж. кайтып келген. 1998–2003-ж. эл аралык «Спорт-XXI» спортту өнүктүрүү фондусун жетектеген. Украина Баатыры, Украинанын «Эрдик» ордени м-н сыйланган.



Р. Аманкулов.

КЛИЧКО́ Владимир Владимирович (25. 3. 1976-ж. т., Казакстан, Солнечный шаарчасы) – украиналык профессионал бокс чебери. Бир тууган К-лордун кичүүсү. Олимпия оюндарынын (1996, Атланта), жаштар арасында Европанын ж-а Украинанын 5 жолку оор салмактагы чемпиону. WBO (2000–2003), IBF ж-а IBO (2006–2007) версиялары б-ча профессионалдар арасында дүйнөнүн чемпиону. О. эле Европанын профессионалдар арасында чемпиону. Өзүнүн профессионалдык баскычын К. улуу агасы м-н бирге 1996-ж. Гамбургдун Universum Box Promotion (Германия) клубунда баштап, Р. Пьюрити, Ф. Жексон, К. Бёрд, Ф. Бота, К. Сандерс, Л. Брюстер ж. б. бокс чеберлери м-н таймашкан.

КЛИШЕ́ (фр. cliché) полиграфияда – бийиктен (чыгыңкы) басуу ыкмасы м-н сүрөт оригиналдарынын так көчүрмөсүн алууга даярдалган басуу формасы. Так көчүрмөсү алына турган оригиналдын мүнөзүнө жараша К. штрихтүү ж-а растрлуу болот. Штрихтүү К. сызыктардан, бир түрдүү тартылган сүрөттөрдөн (калем уч м-н чийилген сүрөт, чийме) жасалат. Ал эми түрдүүчө тартылган сүрөттөрдөн (фотографиядан, акварель, майлуу боёк м-н) растрлуу К. алынат. К. жыгач (к. *Ксилография*), линолеум, цинк, латунь, жез ж-а пластмассага жасалат. Булардан цинктүү К. кенири таралган. Аны даярдоо үчүн адегенде сүрөттүн оригиналы фотоплёнкага тартылат да, фотомех. жол м-н цинк пластинкасына (бетине жарык сезгич катмар сүйкөлгөн) көчүрүлөт. Андан хим. ж-а электр-хим. реакция аркылуу басылуучу элементтеринин ортосу ойдурулат. Жездүү К. даярдоодо басылуучу элементтердин ортосундагы бош жер кол м-н же хлордуу темир эритмесинде ойдурулат. К. электр гравюралык аппараттарда ылдам даярдалат. Бир К-ден 40–50 миң оттиск басылып алынат.

КЛОН (гр. klon – бутак, чырпык) – жыныссыз көбөйүү жолу м-н жалпы тектен келип чыккан клеткалар же особдор жыйындысы. К-дордун пайда болушу митоздун негизинде ишке ашып, ген. маалымат энелик ж-а туунду клеткаларга тең бөлүнөт. Ошондуктан К-дор тукум куугучтугу бирдей клеткалардан турат деп эсептелет. Бирок К-дордун бирдейлиги мутациянын натыйжасында өзгөрөт. К-дордун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү тынымсыз тандоо аркылуу сакталат. Вегетациялык көбөйүүчү айдалма өсүмдүктө (мис., картошкодө), көпчүлүк учурда сорт өз алдынча К. болуп саналат. К-доштуруу жолу м-н (б. а. вегетациялык көбөйүү аркылуу) сорттун өзгөчөлүгүн сактоого болот.

КЛО́УН (англ. clown, гр. colōnus – кыштак тургуну) – гротесктин ж-а буффонаданын ыкмаларын пайдалануучу комедиялык цирк артисти. Амплуасы б-ча К. буфф-К., килем-К., муз.-К., дрессировщик-К., акробат-К. ж. б. бөлүнөт, к. *Клоунада*.

КЛОУНА́ДА – цирк жанры; эксцентрика ж-а буффонада ыкмалары м-н *клоун* аткаруучу күлкүлүү сценалар. К. элдик фарс оюндарынан чык-



«Күрөш». Кыргыз клоундары К. Тажиев, У. Урманов. 1980.

кан. Биринчи жолу Ф. Астлейдин (Лондон, 1780) циркинде арт. Б. Саундерс жолу болбогон чабендестин ролун, 1834-ж. Францияда циркте Ж. Б. Ориоль акробатикалык көнүгүүлөрдү күлкүлүү ыкмалар м-н аткарган. Кийин үйрөтүлгөн айбандар, муз. аспаптар ж-а акробатика кеңири пайдаланылган. К. номерлери бара-бара сатиралык ж-а публ. багытка ээ болгон (Дуровдор, Ю. Никулин ж. б.). Клоундар соло клоун (монолог окуу, акробатика ж. б.), килем клоун, клоун-буфф (экөө, үчөө же тобу м-н чыгышат) болуп бөлүнөт. Цирк клоундары өткүр күлкү м-н өз каарманына психол. мүнөздөмө беришет. Кырг-нда да К. өнүккөн. КРдин эмг. син. арт. К. *Тажиев*, Ж. Толтоев, У. Урманов ж. б. кыргыз клоундары белгилүү.

КЛУБНИКА, к. *Кулпунай*.

КЛУЖ-НАПО́КА – Румыниянын түн.-батышындагы шаар. Клуж жудецинин (адм.-айм. бирдик) адм. борбору. Трансильвания платосунда жайгашкан. Калкы 302,6 мин (2008); чөндугу ж-а калкынын саны б-ча Бухаресттен кийинки 2-шаар. Эл аралык аэропорту бар. Автомагистраль түйүнү ж-а т. ж. бекети. Тейлөө чөй-



Шаардын борбордук бөлүгү.

рөсү, инвестиция, кредит-финансы сектору ж-а компьютер программасы м-н камсыз кылуу өндүрүшү өнүккөн. Машина куруу, хим. (пластмасса, каучук), хим.-фармацевтика [а. и. Индия компаниясы женериктерди (түп нускасына окшош арзан дары-дармектер) чыгарат], женил (жүн кездеме, трикотаж ж-а тигилүү буюмдар), фарфор-фаянс, тамак-аш, булгаары–бут-кийим, эмерек, полигр. ө. ж. ишканалары иштейт. Косметика каражаттарын чыгаруу (19-к-дын аягынан) – өлкөнүн салттуу өндүрүшү. Ун-т, музейлер (а. и. тарых, этногр. ж-а сүрөт), театр, филармония, Моцарт муз. коо[illegible] бар. Шаардын борб. бөлүгүндө готика, ренес[illegible] ж-а барокко стилиндеги көптөгөн арх-ра [illegible]ликтери, таш чептер (13–17-к.), Ыйык Миха[illegible] чиркөөсү (14–19-к.), неоготика стилиндеги [illegible]ара, анын интерьеринде Шлейниг капелласы (1837–62), венгриялык ак сөөк Банфи тукумунун ак сарайы (1774–85), францисканецтердин монастыры (15–19-к.) сакталган. Эл аралык фестивалдар (музыка, кино) өткөрүлүп турат.

КЛУХО́РИ АШУУСУ Чоң Кавказдын Башкы же Суу бөлгүч кырка тоосунда. Теберда ж-а Кодори сууларынын жогорку агымдарынын аралыгында. Бийикт. 2782 *м*. Ашуу аркылуу Аскер-Сухуми жолу өтөт. Россияны (Карачай-Черкесияны) Грузия м-н байланыштырат. Ашууга жакын табияты кооз Клухори көлү жайгашкан.

КЛЮЧЕВСКИ́Й Василий Осипович [16 (28). 1. 1841, Пенза губерниясы, Воскресенский кыш. – 12(25). 5. 1911, Москва] – орус тарыхчысы. Тарых илимд. доктору (1882), проф. (1882). Петербург ИАнын корр. мүчөсү (1889), академик (1900), ардактуу академик (1908). Москва ун-тин бүткөн (1865). Падышалык жеке бийликти, анын өкүлдөрүн сынга алганы м-н бурж.-помещиктик түзүлүшкө каршы чыккан эмес. 19-к-дын аягынан монархияны колдой баштаган. 1860-жылдардан орус элинин тарыхын, чарбасын, тиричилигин изилдеген. 1880-жылдары коомдун тарыхындагы социалдык ж-а экон. факторлорду талдап, орустун бурж. тарыхнаамасына жаңылык киргизген. Социалдык-экон. формациялардын ырааттуулук м-н алмашуу мыйзамын танып, доорлорго бөлүүдө орустун Чыгыш Европа түздүгүн колониялоо этаптарын негизги өбөлгө катары туткан.

Эмг.: Сочинения: В 9 т. М., 1987–1990; Афоризмы и мысли об истории. М., 2007.

Ад.: В. О. Ключевский и проблемы российской провинциальной культуры и историографии: В 2 кн. М., 2005.

КЛЮЧЁВКА ЧОПО КЕНИ Талас обл-нун Бакай-Ата р-нунда, Өзгөрүш кыш-нын жанында, Талас суусунун боюнда, дениз денг. 1088–1105 *м* бийикте. 1976-ж. чалгындалган. Кен аймагын антропоген мезгилиндеги аллювий, делювий чөгүндүсү түзөт. Аллювий чөгүндүсүнөн кумайлуу чопо катмары пайда болуп, Талас суусунун 4-тектирин түзүп жатат. Аянты 50 *га*, калыңдыгы 24–25 *м*. Кумайлуу чопонун өңү боз, саргыч. Гранулометриялык курамы: 5 *мм* – 2,0%, 5–2 *мм* – 1,24%, 2–0,5 *мм* – 0,99%, 0,5–0,25 *мм* – 0,49%, 0,25–0,01 *мм* – 52,01%, 0,01–0,005 *мм* – 10,50%, 0,005–0,001 *мм* – 13,24%, 0,001 *мм* – 17,39%. Кумайлуу чоподон «100» маркасындагы кыш даярдоого болот. Запасы В категориясы б-ча 811 мин $м^3$, C_1 – 2963 мин $м^3$, $B+C_1$ – 774 мин $м^3$, C_2 – 2091 мин $м^3$.

КЛЮЧИ́ ЖАНАРТООСУ – Евразиядагы ж-а Россиядагы эң бийик аракеттеги жанартоо; Камчатканын чыгыш бөлүгүндө. Бийикт. 4750 *м*. Андезит-базальт [illegible]аваласынан түзүлгөн. Дайыма түтөп туруучу [illegible]атерлүү негизги конустун этегинде 84 конус[illegible]-а кратер бар. Кыры кар, мөңгүлүү; капта[illegible]рында *фумарол* м-н *сольфатара* процесстер[illegible]жүрөт. 270 жыл ичинде 50дөн ашык катуу аты[illegible]улар болгон; эң акыркы жолу 2007-ж. атылган. «Камчатка жанар тоолорунун курамында» *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине (1996) кирген.

КЛЯ́ШТОРНЫЙ Сергей Григорьевич (4. 11. 1928-ж. т., Ленинград) – түрколог, проф. (1989), тарых илимд. доктору (2006), КР ИАнын ардактуу академиги. Ленинград мамл. ун-тин бүткөн (1950). 1957–62-ж. СССР ИАнын Ленинград бөлүмүндө Чыгыш таануу ин-тунун ил. кызматкери, 1962-жылдан түрк-моңгол секторунун башчысы. Россия ж. б. чет элдик басмалардан 500дөн ашык ил. эмгеги жарык көргөн. Чет элдик (Түркия, Германия, Венгрия, Моңголия) ил. коомдордун мүчөсү. Кырг-н, Казакстан, Татарстандын тарыхына тийиштүү ири эмгектер м-н монографиялардын автору. Кыргыздардын байыркы тарыхын, *Енисей жазууларын*, *Орхон жазууларын*, *Талас*, *Кочкор өрөөнүндөгү рунн жазууларын* изилдөөгө да өз салымын кошкон. Үчүнчү даражадагы Манас ордени м-н сыйланган (2002).



Эмг.: Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. М., 1964; Степные империи Евразии (в соавторстве) СПб., 1994.

К-МЕЗОНДОР, к а о н д о р – спини нөлгө, массасы 970 электрондун массасына барабар элементардык бөлүкчөлөр тобу. Бул топко заряддалган эки (K^+,K^-) (энергетикалык масса бирдиги K^+–493,7 *МэВ*, K^0–497,7 *МэВ*ко барабар), эки туруксуз (K^0, $\overline{K}^0$) К-м. ж-а антибөлүкчөлөр (K^+ ж-а $\overline{K}^0$) кирет; Алар өз ара күчтүү аракеттенгич, б. а. адрондор деп аталат. К-м. биринчи жолу космос нурларынын курамында байкалып (1947–51), кийинчерээк (1954) заряддуу бөлүкчөлөрдүн ылдамдаткычтарынын жардамы м-н алынган. Заряддуу К-м-дун заряды электрондун зарядына барабар. Алар ажыраганда π ж-а τ^0 мезон, электрон, позитрон ж-а нейтрондор пайда болушу мүмкүн. К-м. нуклондордо жутулуп, сигма (σ) *гиперондорду* пайда кылат. К-м-дун ачылышы элементардык бөлүкчөлөр ж-дөгү түшүнүктү кеңейткен.

КМШ, Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги – эгемендүү, көз карандысыз мамлекеттердин өз ара макулдашууларынын ж-а келишимдеринин негизинде пайда болгон мамлекеттер аралык бирикмеси. КМШ 1991-ж. 8-декабрда Минск ш-на жакын жердеги Беловежа токоюнда СССРдин курамындагы РСФСР, Беларуссия ж-а Украина респ-ларынын өкүлдөрү кол койгон келишимдин негизинде түзүлгөн. Бул 1991-ж. 17-мартта СССР б-ча өткөрүлгөн референдумда СССРди сактап калууну колдогон (76%) көпчүлүктүн эркине каршы окуя болуп, 15 респ-ны бириктирген СССРдин кулай баштаганын билдирген. Ошол эле жылы 21-декабрда Алматы ш-нда Азербайжан, Армения, Казакстан, Кырг-н, Молдова, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстан, Беларуссия, Россия ж-а Украина биригип, КМШны түзүү келишимине кол коюшуп, декларация кабыл алышкан. Ошентип, терең кризистин негизинде СССР өзүнүн жашоосун биротоло токтоткон. СССРдин Президенти М. С. Горбачёв 1991-ж. 25-декабрда президенттик милдетин аткарууну токтоткондугун билдирген. Шериктеш мамлекеттердин максаттары ж-а принциптери төмөндөгүдөй аныкталат: КМШ өзүнчө бөлүнүп түзүлгөн мамлекет же мамлекеттердин үстүнөн караган бирикме эмес; анын катышуучуларынын өз ара иш-аракеттери, мамлекеттер түзгөн келишимдерде макулдашылган тартипте артыкчылыктык принциби б-ча ишке ашырылат; эл аралык стратегиялык туруктуулукту сактоо максатында аскердик-стратегиялык күчтөр б-ча бириккен командалык ж-а ядролук курал б-ча бирдиктүү көзөмөлдөө сакталат; тараптар өз ичинен ядросуз же бейтарап мамлекет болууга умтулган өлкөгө урмат-сый м-н мамиле кылышат; КМШга башка дагы каалаган мамлекеттер кошула алат. КМШнын негизги органдары – Мамлекет башчыларынын кеңеши, Өкмөт башчыларынын кеңеши, Аткаруучу секретариаты, Мамлекет аралык экон. кеңеш, Парламент аралык ассамблея, Коргоо министрлер кеңеши, Тышкы иштер министрлер кеңеши, Космос б-ча мамлекеттер аралык кеңеш, Коллективдүү коопсуздук келишими ж. б. КМШнын туруктуу иштеген органы – Координациялык-кеңеш берүүчү к-т (Минскиде жайгашкан). КМШнын Мамлекет башчылар кеңеши, Өкмөт башчылар кеңеши ж. б. органдарында жолугушуулар өткөрүлүп, маанилүү заманбап маселелер чечилип турат.

КНА́УФ Владимир Иосифович (1918, Украина, Первомайск ш. – 1987, Бишкек) – геолог, геология-минералогия илимд. доктору (1975), Кыргыз ССР ИАнын корр. мүчөсү (1984). Москва геол. чалгындоо ин-тун бүткөн (1941). Кыргыз ССР Геология башкармалыгында издөө ж-а геол. карта түзүү партиясынын начальниги, экспедициянын башкы геологу (1946–65), Кыргыз ССР ИАнын Геология ин-тунда улук ил. кызматкер, лабор. жетекчиси (1965–75), Кыргыз ССР ИАнын Сейсмология ин-тунда лабор. жетекчиси (1975–



84), ин-ттун директору (1984–86). Кырг-ндын геол. түзүлүшүн, тектоникасын ж-а сейсм-тектоникасын изилдөөгө салым кошкон. Кызыл Жылдыз, Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар м-н сыйланган. Кыргыз ССРинин геол. кызматына эмг. син. кызматкери.

КНЯ́ЗЬ – 1) 9–16-к-да славян ж-а кээ бир башка элдердеги феодалдык-монархиялык мамлекеттердин башчысы же ак сөөктөрдүн өкүлү. К. адегенде аскердик демокр. органдарды башкарып, кийин алгачкы феодалдык мамлекеттин башчысына айланган. Алгач К-дык бийлик шайлоо аркылуу берилсе, кийин мураска (Байыркы орус мамлекетинде Рюриковичтер, Улуу Литвада Гедиминовичтер ж-а Ягеллондор, Польшада Пясттар, Чехияда Пржемысловичтер ж. б.) өткөн. Байыркы орус мамлекетинде ж-а Литвада өлкө башчылары Улуу К., калгандары уделдик К-дар деп аталган; 2) мурас аркылуу бериле турган дворяндык титул. Алгачкы К. титулун Россияда 18-к-да Д. И. Меньшиков алган. К-дык наам Россияда Октябрь рев-ясы жеңгенден кийин ББАКтын 1917-жылдын 10 (23)-ноябрындагы «Катмарларды ж-а жарандык чиндерди жоюу жөнүндө» декретинен кийин күчүн жоготкон.

КОАГУЛЯ́ЦИЯ (лат. coagulatio – уюу, коюлануу) – молекулардын тартылуу күчтөрүнүн таасири м-н майда бөлүкчөлөрдүн биригип, чоңураак бөлүкчөлөрдү пайда кылуусунун натыйжасында коллоиддик эритмелер фазаларга ажырап, чөкмөлөрдү же килкилдектерди пайда кылуу процесси. К. кубулушу өзүнөн-өзү абдан жай жүрөт. Аларды тездетүүнүн эң негизги ыкмалары – коллоиддик эритмелерге ар түрдүү электролиттерди кошуу. Электролиттерди кошкондо, коллоиддик бөлүкчөлөрдүн алгачкы зарядда ры азаят же нейтралдашат да, К. процесси тездейт. Кээ бир коллоиддик эритмелер темп-ранын жогорулашынан К-ланат. Мис., жумуртка агынын уюшу, сүттүн эжигейге айланышы ж. б. К. жаратылыштагы процесстерде кенен таралган, мис., геологияда минералдын пайда болушу, атм-да аэрозолдун таркашы, ө. ж-да суспензия, эмульсиялардын пайда болуусу.

КОАКСИА́ЛЬ КАБЕЛИ (лат. *co* – биргелеш ж-а axis – ок) – электр өткөргүч зымдары өзүнчө изоляциялоочу материал м-н капталып, бири бирине кийгизилген цилиндр түрүндөгү *кабель*. Анын ичиндеги өткөргүчү тышкы спираль ж-а шакекче түрүндөгү изоляциялоочу материалдар м-н ажыратылып, аба катмары менен болүнүп турат ж-а тышкы катмар ичкисин сырткы таасирден сактайт. Ал жогорку жыштыктагы бир нече *ГГц*ке чейинки ж-а начар электр сигналдарын берүү үчүн колдонулат. К. к. өткөргүчүнүн көп болтурбайт ж-а сигналды анча басаңдатпайт. Коп каналдуу байланыш системасында 10 миңден ашык телефон каналдарын байланыштыра алат.



Коаксиль кабелинин сырткы көрүнүшү: *а* – ички коп зымдуу ж-а пластмасса тышкы оромо зымдуу кабель; *б* – ички бир зымдуу ж-а тышкы ормо зымдуу кабель.

КО́БАЛЬТ (лат. Cobaltum), Co – *элементтердин мезгилдик системасынын* VIII тобунда жайгашкан хим. элемент, ат. н. 27, ат. м. 58,9332. 1735-ж. швед химиги Г. Брандт ачкан. Табиятта К. туруктуу бир изотоптон ^{59}Co турат. Жасалма жол м-н алынган радиоактивдүү изотоп ^{60}Co (жарым ажыроо мезгили $T_{1/2}$=5,24 жыл). Белгилүү кычкылдануу даражасы +2 ж-а +3, кээде +1, +4, +5, б. эрүү t 1493°C; кайноо t 2277°C; тыгыздыгы 8,9 *г/см*^{3}. К. катуу металл, күмүш түстө; женил иштетилет, серпилгич, темирге окшош, болоттон да катуу, темир сыяктуу магниттик касиетке ээ, бирок ал касиетин 1121°Сден жогорку темп-радан баштап жоготот. Жер кыртышында 1,8 ·10^{-3}% ке жакын, сейрек таралган металл. 30дай минералы белгилүү. Жөнөкөй хим. кошулмаларында II, ал эми комплекстүү кошулмаларында III валенттүү. К. сууда ж-а абада туруктуу. 300°Сде оксиддик жука кабык (жашыл түстөгү CoO) м-н капталат. Суюлтулган HCl, H_2SO_4, HNO_3 к-таларында акырындык м-н эрийт. *Галогендер* м-н (F_2ден башкасы) болмо темп-расында, S, P,N_2, Si, As м-н 300–500°Сде аракеттенет. Ал Co_3O_4түү калыбына келтирүүдөн, К. хлоридин ($CoCl_2$), К. сульфатын ($CoSO_4$) электролиздоодон, никелдик, жез-никелдик, жез-кобальттык, мышьяк-кобальттык кендерден алынат. Күкүрт ж-а туз к-таларында суутекти бөлүп чыгаруу м-н эрип, кызыл түстөгү кристалл-гидрат түрүндөгү туздарды пайда кылат: $CoSO_4 \cdot 7H_2O$, $CoCl_2 \cdot 2H_2O$. Ал азот к-тасы м-н аракеттенгенде, азот оксидине чейин калыбына келет. Кристаллдык К. нитраты – кызыл түстөгү кристалл-гидрат: $Co(NO_3)_2 \cdot 6H_2O$. К. ар түрдүү комплекстүү иондор м-н, $[Co(NH_3)_6]^{3+}$, $[Co(NH_3)_5 \cdot H_2O]^{3+}$, $[Co(NO_2)_6]^{3-}$ ж. б. коп сандаган комплекстүү бирикмелерди пайда кылат. К. жогорку темп-рага чыдамдуу материалдарды даярдоодо колдонулуучу куймаларды алууда, коррозияга туруктуу материалдардын компоненти катары, курамында К. бар катализаторлорду даярдоодо, медицинада, техникада колдонулат. О. эле К-тан ар түрдүү боёктор, эмалдар даярдалат.

КО́БАЛЬТ КЕНТАШЫ – курамында кобальт ж-а анын бирикмелери кездешкен кендүү таш. Жаратылышта кобальттын 100дон ашык бирикмеси бар, а. и. 30га жакыны – кобальттын өзүнүн минералы. Хим. ж-а минералдык курамы б-ча мышьяктуу, күкүрттүү, оксиддүү түрлөрдөн турат. Мышьяктуу кенташта негизги минералдар – арсениддер, сульфоарсениддер кирет. Арсениддерге скуттерудит (курамында 16–20% кобальт бар), шмальтин хлоантит (1–20% кобальт) сульфоарсениддерге кобальтин-герсдорфит (30% кобальт), глаукодот-арсенопирит (15–16% кобальт) кирет. Кенташта булардан тышкары никель, жез, күмүш, уран, калай, алтын, висмут, сурьма минералдары жолугат. Мындай кенташтардын ө. ж-лык маанидеги кендеринде кобальттын орт. саны 1–2% болот. Ири кендери Тувадан (Хову-Ак-Суу), Мароккодон (Бу-Аззер) орун алган. Күкүрттүү кенташта жез, темир, никелдин комплекстүү бирикмелери кездешет. Кенташтын курамында кобальт аз санда (0,001–0,1%) жолугат. Негизинен никелдүү пириттен (0,1–3% кобальт), линнеиттен (24–33% кобальт), каттиериттен (36–40% кобальт), пентландиттен (0,5–3% кобальт) турат. Ири кобальт кендери Красноярск крайын (Норильск), Кола ж. а-нда, Канадада (сульфид-жез-никелдүү кендер) орун алган. Оксиддүү кенташтар курамында кобальт м-н никель кездешкен ультранегиздүү тектерде (0,1% ке чейин кобальт) же күкүрттүү кенташтардын физ.-хим. жол м-н кычкылданган зоналарында (1–4% кобальт) жолугат. Кобальт марганецтин гидрооксиддеринде топтолуп (асболан), сульфиддердин кычкылдануу аймагында кобальттын суулуу кычкылы м-н карбонаттары кошулат. Ультранегиздүү тектер м-н байланыштуу болгон силикат-никелдүү кендер Урал, Казакстан, Куба, Жаңы Каледония, күкүрт кенташтары Заирде (Катанга) кездешет. К. к. негизинен гидротерм, скарн, магма ж-а талкалануу процесстеринен пайда болот.

Ад.: *Боришанская С. С., Виноградова Р. А., Крутов Г. А.* Минералы никеля и кобальта. М., 1981; Кобальтовые руды Мирового океана. М., 2000; *Старостин В. И., Игнатов П. А.* Геология полезных ископаемых. М., 2006.

КОБА́Н МАДАНИЯТЫ – Түн. Кавказдын борб. бөлүгүндөгү коло кылымынын аягы – темир кылымынын башына таандык (б. з. ч. 1-миң жылдыктын 1-жарымы) археол. эстелик. Түн. Осетиядагы Кобан кыш-нын атынан аталган. К. м. көрүстөндөр, турак жайлар ж-а буюм калдыктары м-н илимге белгилүү. К. м-нын адамдары өлүктөрдү бүгүп, таш үкокторго салып, ар кандай тиричилик буюмдары – канжар, унгулуу коло балта, спираль түрүндөгү билерик ж. б. м-н бирге көмүшкөн. Алар кээ бир буюмдарын «айбандар стили» деп аталган скиф иск-восунун ыкмасында кооздоп жасашкан. К. м-нын адамдары уруу-уруу болуп, кичинекей кыштак-чаларда жашаган. Булардын арасынан Зшей-



Тлиа кыштагына жакын (Түш. Осетия) көрүстөндөн табылган коло буюмдар: 1–2 – курдун тогоолору 3 – догоо сымал фибула; 4 – илмек; 5 – идиш; 6 – балта; 7 – билерик (Б. В. Теховдуку б-ча).

ский журту айрыкча белгилүү. Мал чарбачылык, аңчылык, кол өнөрчүлүк, дыйканчылык м-н кесип кылышып, тоо кендерин да иштете билишкен. Уруу жол башчыларынын колунда байлык топтоло баштаган. К. м-нын адамдары Алдынкы Азия ж-а Днепр бойлорунда жашаган элдер м-н маданий, экон. байланышта болушкан.

КО́БЕ – Япониядагы шаар. Хюго префектурасынын адм. борбору. Хонсю а-нын түш.-батышында, Осака кысыгынын жээгинде, бир топ бөлүгү калдыктардан пайда болгон Порт-Айленд (1966–81, аянты 826 *га*; шаар м-н «Минатодзима» суу астындагы тоннели ж-а эки ярустуу көпүрө аркылуу байланышат) ж-а Рокко (1992,



Икута храмы. 3-к.

595 *га*) а-нда жайгашкан. Калкы 1,5 млн (2008). Өлкөнүн маанилүү жолдор тоому. К-де «Мейсин», «Ханшин», «Санъё», «Тюгоку» Кобе – Авадзи – Наруто жогорку ылдамдык автострадалары отот. Акаси кысыгы аркылуу өткөн автомобиль асма көпүрөсү (1998; уз. 3,9 *км*, таянычынын бийикт. 298 *м*, дүйнөдөгү эң бийик ж-а узун) аркылуу Авадзи а. м-н байланышат. Порт аркылуу жылына 95,5 млн *т* жүк ташылат (2006, өлкөнүн сырткы соодасынын $^1/_3$и). «Токайдо» т. ж. магистралынын (Кобе – Токио) батыштагы акыркы пункту. Шаардагы т. ж. тармакта-

ры толугу м-н автоматташтырылган (1981; дүйнөдө биринчи жолу). К-нин жайгашкан жеринде эл байыртадан эле отурукташкан. 1889-жылдан шаар статусуна ээ. 1907-жылдан порт. Госкидзука кофун-коргону (4-к-дын аягы – 5-к-дын башы), храм комплекстери (а. и. Икута синтоист храмы, 3-к-дын башы), Хакоги-Сенненя байыркы чарбагы ж. б. сакталган. К-де 100дөн ашык эл аралык корпорациялардын өкүлчүлүктөрү, Япониядагы ири ишканалар м-н компаниялардын штаб-квартиралары жайгашкан. Кеме куруу, металлургия, машина куруу, аскер, хим., нефть-хим., текстиль ө. ж. ишканалары иштейт. Кондитер азыктар өндүрүшү (1931-ж. орус ишкери В. Ф. Морозов тарабынан негизделген) өнүккөн. Япониядагы илим, билимдин башкы борбору. Ун-ттер (а. и. мамлекеттик эместер да бар), ИИИлер, китепканалар, музейлер (а. и. сүрөт ж. б.) бар. Туризм өнүккөн. К. 1995-жылкы жер титирөөдө кыйрап, 2005-ж. толугу м-н кайрадан курулган.

КОБЗА́ – 1) байыркы лютня сымал кылдуу чертме муз. аспап. Чыгыш Украинада пайда болгон деген божомол бар; 2) румын-молдавандардын 4 кылдуу лютня сымал кылдуу чертме муз. аспабы. Кээде К. же бандура бир эле аспапты түшүндүрөт (кобза-бандура). К-нын корпусу жарым сфералык, кыска моюндуу, 5–8 кылдуу. 18–19-к-да аспапка дагы кылдар кошулган. Жалпы уз. 520–530 *мм*. Плектор м-н чертилет. Жеке, ансамблде ж-а оркестрде аспап катары колдонулат.



КОБЗА́РЬ Вера Николаевна (1956-ж. т., Ысык-Кол обл., Ысык-Кол р-ну, Ананьев айылы) – биология илимд. доктору (1997). КМУну бүтүргөн (1978). Кыргыз кардиология ИИИде (1978), КМУда улук лаборант (1979), Кыргыз акушерлик ж-а педиатрия ИИИде кенже ил. кызматкер (1980–88), Кырг-н алдын алуу ж-а мед. экология ИИИде улук. жетектөөчү, ил. кызматкер, лабор. башчысы болуп иштеген (1988–99). 1999-жылдан КРСУда эмгектенет. Аэробиология, аллергология, экология б-ча адис. 110дон ашуун ил. эмгеги, а. и. 1 монографиясы, 12 окуу куралы бар.

Эмг.: Аллергены пыльца и загрязнение атмосферы (в соавторстве). Б., 1994; Изменчивость оболочки аллергеновой пыльцы в условиях повышенной загрязненности окружающей среды. Б., 2000; Изменчивость пыльца как глобальная проблема. Б., 2005.

КОБОРГОН-ТАШ – байыркы түрк дооруна тиешелүү археол. эстелик. Ат-Башы өрөөнүнүн күн батыш тарабындагы Чет-Келтебе суусун бойлой кеткен капчыгайда тикесинен сүргүзүлгөн. Бул жерден чарчысынан келген үч коргончонун орду ж-а чопо идиш калдыктары табылган. Түзүлүшү ж-а мааниси жагынан байыркы түрк (6–9-к.) доорундагы маркумга арнап орнотконэстеликтерге жакын, бирок чопо идиш сыныктары Караханиддер доорун мүнөздүү. К.-т. эстелиги байыркы түрк доорунда курулуп, диний ырымдарды аткаруучу каспектүү жай катары пайдаланылган. 1989-ж. археолог К. Табалдиев изилдеген.

КОБУЛ – капталдары салыштырмалуу тик, узун, кууш, оён жер. Жер бетиндеги К-га (рельеф пайда кылуучу дефляция, карст ж. б. процесстердин таасиринен пайда болгон) ж-а океан терендиктериндеги К-га болүнөт. Океандагы К. 5000 *м*ден ашык терендиктерде жатып, уз. бир нече миң *км*ге, туурасы ондогон ж-а жүздөгөн *км*ге жетет. Дүйнөлүк океандын, о. эле бүт Жер шарынын эң терең жери – Тынч океандагы Мариана кобулу, анын терендиги 11 022 *м*.

КОБЫЗ – казактардын 2 кылдуу жаалуу тартма муз. аспабы. Тулкусу жыгачтан чабылат. К-га ичеги, өзөктүү зым тагылат. К-дын кыл К. деген түрү эң байыркы аспап катары эсептелет. Ага кыл аттын куйрук кылынан тагылат. Элдик уламыштарга, аңыздарга караганда 8-к-да күү атасы аталган Коркыт ойлоп тапкан. К-ды күүгө келтире турган кулагына, чарасынын ичитышына добуштун угумдуулугун которүү үчүн темир чыгырыктар бекитилет. Чарасынын жарым бети ачык, ал эми жарымы жаргак м-н капкакталат. Аттын куйрук кылы тагылган жаа м-н тартат. Диапазону эки жарым октава. К-дын оркүндөтүлгөн түрлөрү Казак мамл. эл аспаптар оркестринде ойнолот. Жеке аткаруучулар күү тартышат ж-а анын коштоосунда ырдашат, дастан айтышат.



КОБЫСТА́Н – 1) Азербайжан Респ-ндагы Жейрен-Кечпес суусуна жакын жердеги тоо; 2) К. аскаларына тартылган байыркы оймо-чиймелер. Мезолит доорунан о. кылымга чейинки мезгилге таандык 4 миңден ашык түрдүү сүрөттөн турат. Алардын арасында эгин эгүү ж-а жыйноо, курмандык чалуу ж. б. диний ж-а чарбачылык



Кобыстан. Беюкдаш тоосунун жогорку террасасындагы петроглифтер.

мүнөздогү сюжеттүү сүрөттөр көп. К. оймо-чиймелерине жакын жерде таш дооруна таандык тургун жай үнкүрлөр бар. О. эле б. з. ч. 3-миң жылдыктагы коло доорунда эл отурукташкан жайлар ж-а көрүстөндөр да белгилүү.

КОВАЛЕ́ВСКАЯ Софья Васильевна [3(15).1.1850, Москва – 29.1(10.2). 1891, Стокгольм] – орус математиги, жазуучу ж-а публицист, аялдардан биринчи Петербург ИАга (1889) корр. мүчө болгон. К. ар тараптуу билим алган. Ошол мезгилде Петербург ун-тинде аялдар окууга укуксуз болгондуктан, белгилүү педагог А. Н. Страннолюбскийден математика б-ча өзүнчө окуган. Билимин өркүндөтүү үчүн Гейдельбергге (1869), андан Берлинге (1870) келген. Берлин ун-ти да билим алууга уруксат бербегендиктен, 4 жыл бою К. Вейерштрасстан сабак алган. 1974-ж. К-нын Вейерштрасс тарабынан корсотүлгөн үч эмгегине Гёттинген ун-ти сырттан философия илиминин докторлук наамын ыйгарган. К. Россияга (1874) кайтып келет, бирок 6 жыл бою Петербург ун-ти орун бербегендиктен, ил. иштерден четтеп, адабий-публ. ишмердик м-н алектенет. 1881-ж. Берлинге, андан Парижге, 1883-ж. Россияга келет. 1883-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Стокгольм (Швеция) ун-тинин приват-доценти, проф. (1884) болуп иштеген. 1888-ж. «Катуу нерсенин кыймылсыз чекиттин тегерегинде айланышы ж-до маселесине» Париж, Швеция ИАнын сыйлыктары тапшырылган. К. – «Нигилистика» повестинин (1884), «Бакыт үчүн күрөш» (1887) сыяктуу көптөгөн адабий чыгармалардын автору.

Ад.: *Кочина П. Я.* С. В. Ковалевская. М., 1981.

КОВАЛЕ́НКО Борис Гаврилович (19. 7. 1929, Фрунзе – 11. 1. 2007, Бишкек) – техника илимд. доктору. (1971), проф. (1977). К. И. Скрябин атн. КАЧИни (1954), СССР ИАнын Ленинград энергетикалык ин-тунун аспирантурасын (1957) бүтүргөн. 1957-жылдан Кыргыз ССР ИАда улук ил. кызматкер, лабор. башчысы, Кыргыз ирригация ИИИде жетектөөчү ил. кызматкер (1993–2007). Гидромелиорация тармактарын автоматташтыруу, суу ресурстарын комплекстүү ирригация-энергетикалык пайдалануу б-ча адис. 100дөн ашык ил. эмгектин, 5 монография, 20 авторлук күбөлүктүн ээси.

Эмг.: Оптимизация планов развития орашения (в соавторстве). Ф., 1972.

КОВАЛЕНТТИК БАЙЛАНЫШ, атомдук байланыш – эки атомго тең таандык жуп электрондорду пайда кылуу м-н болгон хим. байланыш. К. б. м-н бирдей атомдордон турган молекулалар (H_2, Cl_2, N_2, O_2 ж. б.) ж-а түрдүү атомдордон пайда болгон бирикмелер (H_2O, CH_4, SiC ж. б.) байланышат. Орг. бирикмелердин молекулалары негизинен К. б. м-н байланышкан (мис., C – C, C – H, C – N ж. б.). Валенттүүлүк теориянын чегинде пайда болгон хим. байланыш теориясындагы негизги түшүнүк. К. б-ты валенттик орбиталдарында жупташпаган электрондору бар атомдор же атомдордун топтору пайда кылат. Электрондордун жалпыланышы биригишкен атомдордун экөөнө тең таандык электрондук жуптун пайда болуусуна алып келет. Алардын санына жараша жөнөкөй (жалпы электрондук бир жуп), кош (эки электрондук жуп), үч (үч жалпы электрондук жуп) байланыш болот. К. б. бирдей атомдордун ортосунда пайда болгондо, жалпы электрондук жуп пайда кылган электрондук булуттун тыгыздыгы мейкиндикте эки атомдун ядросуна бирдей симметриялуу болүнүп, уюлсуз К. б. пайда болот. Эгерде К. б. терс электрлүүлүгү ар башка атомдордун ортосунда пайда болсо, байланыштын электрондук булуту терс электрлүүлүгү чоң атомду көздөй жылышып, уюлдуу К. б. пайда болот. Кээ бир карбиддер, силициддер, нитриддердин абдан катуу, бышык болуп, кыйындык м-н эриши алардагы атомдор ж-а молекулалар К. б. аркылуу бириккендиги м-н түшүндүрүлөт, к. *Химиялык байланыш*.

КОВАЛЁВ Александр Александрович (1921-ж. т., Москва обл., Люберцы) – геолог, геология-минералогия илимд. доктору (1970), СССРдин мамл. сыйл. эки жолку лауреаты. Москва геол. чалгындоо ин-тун бүткөн (1943). Кыргыз ССРинин Геология башкармасынын геол. партияларында ж-а экспедицияларында улук, башкы геолог болуп иштеген. Кийин МГУда эмгектенген. Кырг-ндагы уран кендеринин бирин ачууга ж-а чалгындоого активдүү катышкан. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н сыйланган.

КОВЕЛЛИН (итал. химик И. Ковеллинин аты-нан) – сульфиддер классына кирүүчү минерал. Хим. формуласы CuS. Курамында 66,48% жез, 33,52% күкүрт бар. Гексагон системасында кристаллданат. Өңү-түсү күңүрт көк, металлдай жалтырайт. Катуулу-



гу *Моос шкаласы* б-ча 1,5–2. С. салм. 4,6. Жез, полиметалл, сульфид, колчедан кендеринин кычкылдануу аймагында пайда болот. К. – жездин кени.

КОГЕ́ЗИЯ (лат. cohaesus – байланышкан) – бир текттүү заттардын (суюк же катуу) бөлүкчөлөрүнүн жармашуусу. Ал заттагы бөлүкчөлөрдүн (атомдор, иондор) ортосундагы хим. байланыш ж-а молекула аралык өз ара аракеттениши м-н шартталат. Бөлүкчөлөрдүн өз ара тартылыш күчтөрү берилген заттын физ., физика-хим., мех. касиеттерин (заттын агрегаттык абалын, бууланышын, эришин ж. б.) аныктайт.

КОД (фр. code, лат. cōdex – китеп дегенден) – белгилердин (символдордун) жыйнагы ж-а белгилүү эрежелердин системасы; алардын жардамы м-н маалыматты билүү, иштетүү ж-а сактоо (эске тутуу) үчүн мындай символдордун жыйындысы түрүндө көрсөтүлүшү (коддолушу) мүмкүн. К. белгилеринин акыркы ырааты сөз деп аталат. К-ду жазуу үчүн көп учурда же цифралар ж-а сандар (0; 1; ...; 57; 927 ж. б. у. с.), же белгилер [+ (плюс), – (минус), . (чекит) ж. б.] пайдаланылат. Байланыш каналында, автоматика системасында, эсептөө түзүлүшүндө, техниканын ж. б. түрдүү чойролордо маалымат көрсөтүү үчүн колдонулат. К. түрүндө маалымат чагылдыруу тирүү жандарда да кеңири пайдаланылат. К-доо и н ф о р м а т и к а д а – маалымат текстгерин кыскартылган шарттуу цифра белгиси м-н алмаштыруу амалы; табигый тилдеги кандайдыр бир маалыматты код деп аталган шарттуу белгилер удаалаштыгы түрүндө которуу.

КОДДОГУЧ – кабар берүүдө белгилүү коддорго дал келгендей кылып кайра өзгөртүп түзүүчү түзүлмө. Коддолуучу кабар коддолгонунан К-тун физ. табияты ж-а кайра өзгөртүп түзүүчү чоңдуктардын мүнөздолүшү м-н айырмаланат. Ошондуктан К. шарт б-ча 2 функциялык блокту камтыйт. Биринчиси (эгер зарыл болсо) үзгүлтүксүз сигналдарды дискреттүү ж-а бир түрго өткөрөт (мис., салыштыруу методу). Экинчи блок түздөн-түз коддоо м-н өзүнө, байланыш түйүндөрүндө кандайдыр бир белгилүү кодго дал келген сызыктуу эмес элементтери бар матрицалык схеманы камтыйт.

«КО́ДЕКС КУМАНИ́КУС» – кумандардын (кыпчактардын) 82 баракстан турган кол жазма китеби. Эски готикалык арип м-н жазылган. Байыркы нускасы Венециядагы Марк олуянын чиркоо китепканасында сакталган. Автору ж-а жазылган жери белгисиз. 13-к-дын аягы–14-к-дын башында түш. орус талаасын, Крым аймагын мекендеген кыпчактардан жыйналган маалыматтардын негизинде жазылган деп болжолдоого болот. Эмгек эки бөлүктөн турат: 1) латынча-фарсча-куманча сөздүк; 2) христиан дининин пайдасы ж-дө баяндамадан, куман тилинин латынча жазылган кыскача грамматикалык очеркинен ж-а сөз тизмектеринин немисче котормолорунан турат. «К. к-тун» куман (кыпчак) лексикасы бар бөлүгү франц., латын, немис тилдерине которулуп, 4 жолу (1828-ж. Парижде, 1880-ж. Будапештте, 1884-ж. Петербургда, 1942-ж. Копенгагенде) басылып чыккан. 1972-ж. кол жазма биринчи ирет СССР ИА тарабынан басмага даярдалган жана түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин тарыхын, этнографиясын, ад-тын ж-а тилин изилдөөдө пайдалануу маалымат берет.

Ад.: *Гаркавец А. Н.* Кыпчакские языки: кумыкский и армяно-кыпчакский. А., 1987.

КОЁНДОР ж а п а й ы (Leporidae) – *коён сымалдар* түркүмүнүн тукуму. К-дун 10 уруусу, 50дөй түрү бар: ак, чоң боз, манжур ж-а кадимки К. ж. б. Бардык К-дун алдынкы буту кыска, арткы буту узун, секирип чуркоого абдан ыңгайлуу. Кулагы узун, куйругу кыска, жүнү жумшак, коюу. Ак коён ири, дене уз. 44–74 *см*, салмагы 3–4,8 *кг*, жайында күрөң же көгүш түстө, кышкысын аппак, кулактарынын учтары жайдыр-кыштыр кара. Тундра, токой ж-а токой-талаалуу зоналарга таралган. Чоң боз коён ак коёндон чоңураак, салмагы 4–7 *кг*га жетет. Кышкысын бир аз көгүш болуп өзгөрөт, жону кара. Көбүнчө токой-талаалуу, ачык талаа ж-а кургак талааларды мекендейт. КМШ өлкөлөрүнүн Европа бөлүгүндө таралган. К а д и м к и к о ё н Борб. Азия, Казакстан ж-а Байкалдын чыгыш жагындагы чөлдүү, жарым чөлдүү жерлерге таралган. Дене уз. 38–53 *см*, салмагы 2–2,5 *кг*. Кырг-нда бийик тоолуу ороондордо (Сон-Көл, Чатыр-Көл) бар. М а н ж у р коёну кичине, салмагы 2 *кг*га жетет, буту, кулагы кыска, оңу саргыч көк. Ы. Чыгыштын жалбырактуу токойлорунда жашайт. К. 45–51 күн көтөрүп, 2–12 божок туурт. Бир жайда 2–3 жолу төлдөйт. Териси ж-а эти үчүн анчылык кылынат. Өзгөчө ак коён м-н чоң боз коёндун кышкы териси баалуу; андан түлкү, суу күзөндүн терилерине окшош арзан, жылуу мехтер жасалат. Кар калың түшкөндө К. бакка, токой өсүмдүктөрүнө чоң зыян келтириши мүмкүн. Б а к м а к о ё н д у н породалары жапайы коёндон келип чыккан. Бакма коён жылчүл келип, жыл бою төлдөйт, бир төлдөгөндө 18ге чейин божок туурт. Негизинен 1–1,5 жашында жетилет, 7–10 жыл жашайт. Негизги тоту – көк чөп, тамыры тоют өсүмдүктөр, сабиз, капуста, жем ж. б. Андан эт, тери, тыбыт ж. б. алынат.



Коёндор: 1 – ак коён; 2 – боз коён.

КОЁНДУ МӨҢГ ӨРҮ – Борб. Теңир-Тоодогу Ак-Шыйрак тоо комунун түш.-чыгыш капталында жаңаша аталган үч мөңгү (Коёнду, Сол ж-а Оң Коёнду). К о ё н д у – татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 8 *км*, аянты 24,3 *км*². Башы деңиз деңг. 5000 *м*, этеги 3850 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4425 *м*. Абляциясынын аянты 7,7 *км*². Мөңгү жалпак фирн талаасы м-н капталган. Коёнду ашуусу аркылуу Түш. Кара-Сай мөңгүсүнө туташып, бир системаны түзөт. Акыркы жылдарда бир топ кыскарган. 1933- ж-а 1943-ж. Сол ж-а Оң К. м-нө болүнүп кеткен. С о л К о ё н д у мөңгүсүнүн уз. 5,1 *км*, аянты 8,1 *км*². Өрөөн тибиндеги мөңгү. Башы деңиз деңг. 4917 *м*, этеги 3880 *м* бийикте жайгашкан. Кар чегинин бийикт. 4490 *м*. Абляциясынын аянты 4,5 *км*². О ң К о ё н д у мөңгүсүнүн уз. 5,1 *км*, аянты 7,3 *км*², көлөмү 0,715 *км*³. Өрөөн тибиндеги мөңгү. Башы деңиз деңг. 5100 *м*, этеги 3880 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4200 *м*. Абляциясынын аянты 1,9 *км*². Мөңгүлөрдөн Ак-Шыйрактын сол куймасы – Коёнду суусу башталат.

КОЁН СЫМАЛДАР (Lagomorpha) – сүт эмүүчүлөр классынын түркүмү. 20-к-дын орто ченине чейин К. с-ды кемирүүчүлөр түркүмүнүн түркүмчөсү деп эсептешкен (эки жуп кашка тиштүүлөр). Дене уз. 75 *см*ге чейин жетет. Алдынкы буту 5, арткы буту 4 манжалуу. Кээ бир түрүнүн оңу-түсү ж-а анын түзүлүшү жыл мезгилине жараша өзгөрүп, түлөп турат. Үстүнкү жаагында 2 жуп кашка тиши бар; алдынкы кашка тиштери тынымсыз өсүп тургандыктан, чоң болот. Арткы буту дайыма алдынкы бутунан узунураак. Куйругу кыска, кулагы узун. Бул түркүмдүн 4 тукуму, азыркы 2 тукуму: коён чычкандар (Gerthidae) ж-а *коёндор*, 10 уруусунун 65 түрү бар. КМШ өлкөлөрүндө коёндор уруусунун 4 түрү, а. и. русак, ак коён, толай ж-а кроликтер кездешет. Тиричилигин күүгүмдө ж-а түнкүсүн өткөрөт. Саатына 70 *км*ге чейинки ылдамдыкта чуркайт. Жалгыз жүрөт. Бир жылда 2–5 жолу, 2–8ден 15ке чейин божок туурт. Антарктидада, Түш. Американын түштүгү, Мадагаскар а-нан башка бардык жерде тараган. Ийинде жашайт, божогу көзү ачылбаган, жылаңач ж-а алсыз, начар туулат. Арктикалык тундрадан тропик токойлорго ж-а чөлдөргө чейин, тоолордо – альп зонасына чейин жашайт. Айыл ж-а токой чарбасына зыян келтириши мүмкүн. 4 түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталаган.

КОЁН ТЕБИШ – балдардын, жаштардын күч сынашкан оюну. Экөө аркы-терки чалкасынан жатып, оң же сол карууларын бири-бирине илиштирип алышат. Андан кийин оң же сол буттарын жогору көтөрүп, согончокторун илиштире экөө эки тарапка тартат. Кимиси оодара басып, көмкөрүп кетсе, ал женген болот да, мөрөй ошого ыйгарылат. К. т. той-тамашаларда ойнолгон.

КОЁН ТОМУК (Perovskia) – өсүмдүктөрдүн эрин гүлдүүлөр тукумундагы уруусу. Бийикт. 1 мге жеткен тарбагай бутактуу, ото жыттуу чала бадал. Жалбырагы жөнөкөй же канаттай тилкелүү, тушташ жайгашкан. Көгүш-кызгылт гүлдөрү эки эриндүү. Топ гүлү – шыпыргыдай, мөмөсү – жангакча. Кырг-нда 5 түрү бар. Сай, таштак, шагыл жерде өсөт. Кооз, балдуу, эфир майлуу өсүмдүк. Жер үстүндөгү бөлүгүнөн алынган эфир майы парфюмерия өндүрүшүндө колдонулат, гүлүндөгү пигмент м-н кездемелерди кызгылт, мала кызыл түскө боёого болот. Конул гүлдөй К. т. – уулуу өсүмдүк, андан алкалоид алынат.

КОЖАКМЕТОВ Жакүл (24. 8. 1921, мурдагы Чүй обл., Кызыл-Аскер р-ну, Орто-Алыш кыш. – 30. 7. 1975, Фрунзе) – сүрөтчү, живописчи. Ленинграддагы И. Репин атн. живопись, арх-ра институн бүткөн (1953). Фрунзедеги сүрөт окуу жайында окутуучу (1953–59, 1962–67), директор, Кыргыз ССР сүрөтчүлөр фондунун башкы сүрөтчүсү (1970–75) болуп иштеген. Чыг-лыгын 1950-жылдары респ. сүрөт көргөзмөлөрүнө катышуу м-н баштаган. К. негизинен тематикалык сүрөт жаатында иштеп, тарыхый окуяларды да чагылдырган: «Фрунзенин отрядына карай» (1958), «Акыркылар» (1957), «Жумуштан кайтуу» (1952), «Балерина» (1957), «Чек арачылар»





Ж. Кожакметов. «Балерина». 1958.

(1975) ж. б. К. чебер портретчи (Г. Айтиевдин, С. Каралаевдин портреттери, 1955; «Акындар», Г. Айтиев м-н бирге тарткан коллективдүү портрет, 1957) болгон. К-дун сүрөттөрү Кыргыз көркөм сүрөт музейинде сакталуу. Медалдар м-н сыйланган.

КОЖАХМЕТОВ Какимсеит Хамитович (1937-ж. т., Казакстан, Талды-Коргон обл., Алакул р-ну, Үч-Арал айылы) – физик, физика-математика илимд. доктору (2002). Ленинград мамл. ун-тин (1963), ошол эле жерде аспирантураны (1966) бүтүргөн. Казак ССР ИАнын Математика ж-а механика ин-тунун кенже ил. кызматкери, окумуштуу секретары, директордун орун басары, Казакстан мамл. ун-тында улук ил. кызматкер, Кыргыз ССР ИА ФМИде улук ил. кызматкер, лабор. башчысы, ФПИде улук ил. кызматкер, жетектөөчү ил. кызматкер, КТУда доцент, улук ил. кызматкер, 1996-жылдан КМКТАУнун ил.-из. бөлүмүнүн башчысы. Катуу нерсенин деформациялануу механикасы тармагы б-ча адис. 70тен ашык ил. эмгеги, а. и. 3 монографиясы жарык көргөн.

Эмг.: Нелинейная теория упругости. Б., 1996; Метод граничных элементов в задачах геомеханики. Б., 2000; Расчётные методы оценки устойчивости откосов. Б., 2000.

КОЖЕКОВ Жаныбай (1869, Жумгал өрөөнү – 1942, азыркы Жалал-Абад обл., Токтогул р-ну, Өзгөрүш айылы) – манасчы, к. *Жаңыбай* Кожек уулу.

КОЖЕМЯ́КО Пётр Никитич (1918, Казакстан, Костонай обл., Жетигара р-ну, Архангельск кыш. – 1973, Бишкек) – археолог, Кыргыз ССРинин илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (1983). 1938–42-ж. Ташкенттеги О. Азия мамл. ун-тинин тарых ф-тин бүткон. 1946–54-ж. СССР ИА Кыргыз филиалынын Тарых, тил ж-а адабият ин-тунда, 1956–60-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунда ил. кызматкер, 1960–73-ж. археология секторунун башчысы болуп иштеген. Кырг-ндын археологиясы, байыркы ж-а о. кылымдагы тарыхы б-ча 40тай эмгек жазган. Чүй, Талас өрөөндөрүндөгү Невакет, Ак-Төбө ш-н казып, о. кылымдардагы шаар мад-тын изилдеген. Чүй өрөөнүндөгү отурукташкан калктардын археол. эстеликтери тууралуу монографиясы эң көрүнүктүү ил. эмгек болуп саналат. Кырг-ндагы байыркы археол. эстеликтердин тизмесин түзүп, аларды коргоого коомчулукту чакырган. Кырг-нда археология илими б-ча адистерди даярдоого көп күч жумшаган. 1961-ж. Талас өрөөнүнөн рун жазуусу бар бир эстеликти (сегизинчи талас эстелиги) таап, Фрунзе ш-на алып келген.

Эмг.: Раннесредневековые города и поселения Чуйской долины. Ф., 1959.

КОЖО-АРЫК – Ош обл-нун Ноокат р-ндагы кыштак. Т. Кулатов атн. айыл округуна караштуу. Дениз денг. 1420 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ноокат ш-нан 44 *км* батыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. бекетинен 19 *км*. Калкы 7000дей (2009); негизинен мал ч-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Эки орто мектеп, китепкана, медпункт бар. Соода түйүнү. Күрү, тамактануу жайлары иштейт.

КОЖО-АТА КӨМҮР КЕНИ – Жалал-Абад облнун Аксы р-нунда, Кара-Суу ойдуңунун түндүк жагында, Авлетин ж-а Кара-Суу сууларынын төмөнкү агымдарынын аралыгында, Кош-Көмүр ш-нан 70 *км* түндүктө жайгашкан. Кен жөнүндөгү алгачкы маалымат 1876-ж. (Г. Д. Романовский) берилген. 1953-ж. геол. картасы түзүлгөн. Көмүрлүү катмарда 4 кабат бөлүнгөн. Көмүр кабатынын калыңдыгы 0,20 *м*ден 1,0 *м*ге чейин өзгөрөт. Көмүрдүн күлдүүлүгү 12,52%тен 38,04%ке чейин, күйүү жылуулугу 26,56 *МДж/кг* (6345 *ккал/кг*) – 30,75 *МДж/кг* (7346 *ккал/кг*) чейин өзгөрөт. Кендин 600 *м* терендикке чейинки божомолдуу ресурсу 44 млн *т*.

КОЖО-АШКАН – Баткен р-нундагы суу, Сохтун оң куймасы. Уз. 57 *км*, алабынын аянты 1060 *км*². Жылуу-Суу ж-а Гөөмүш сууларынын кошулушунан пайда болуп, түш.-батышты карай агат. Гөөмүш Курук-Сай тоосунан, Жылуу-Суу Алай кырка тоосунун түн. капталындагы мөңгүлөрдөн башталат. Алабынын дениз денг. орт. бийикт. 3200 *м*. Жогорку бөлүгү кууш капчыгай аркылуу агат. Өзөнүндө шаркыратма ж-а босоголор кездешет. Негизинен кар (65%), мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 4,56 *м*³/*сек*. Эң көп чыгымы июнь–июлда, азы мартта байкалат. Май айында кирип, ноябрда тартылат. 15 куймасы бар, ирилери: Тилбе (14 *км*), Арча-Башы (18 *км*), Жылуу-Суу ж. б. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Кожо-Ашкан, Шудман, Зардалы кыш. жайгашкан.

КОЖО-АШКАН КОРУКЧАСЫ – Баткен р-нундагы аңчылык корукчасы (заказниги). Кожо-Ашкандын (Сохтун куймасы) алабын, Кулдук тоонун түш. капталын ээлейт. Аянты 16,0 мин *га*. Азайып бараткан тоо эчки, элик, доңуз, улар, чүткөр ж. б. жаныбарларды коргоо ж-а көбөйтүү максатында 1973-ж. уюшулган.

КОЖО-АШКАН ӨРӨӨНҮ Алай кырка тоосу м-н Кулдук-Тоонун аралыгында. Баткен р-нунун аймагында. Аянты 120 *км*², уз. 42 *км*, туурасы 12–30 *км*. Дениз денг. бийикт. 1800–4000 *м*. Батышы кууш, тармактанган тик капчыгайлардан турат, чыгышы жазы. Өрөөндүн таманы антропоген мезгилинин аллювий, пролювий ж-а делювий сыяктуу борпоң тектеринен түзүлүп, капталдарында палеозойдун сланец, акиташ тектеринин зоокалары чыгып жатат. К.-А. о. – тектон.-эрозиялык өрөөн. Климаты континенттик. Июлдун орт. темп-расы 18°С, январдыкы –10...–15°Сге чейин; жылдык жаан-чачыны 350–500 *мм*. Суулары: Жылуу-Суу, Уялуу-Суу, Кулп. Курчаган тоолордун өрөөн

жак беттеринде 20дан ашык майда мөңгү бар. Ирилери: Уялуу-Суу, Кулп. Жылуу-Суу ж-а Уялуу-Суу сууларынын алабында (3000 *м* бийикте) 18ден ашык ысык (темп-расы 50°Сден жогору, курамында күкүрт басымдуу) булак чыгат. Таманын ландшафт ээлейт; андан жогору тал (1800–2500 *м*), токой (2500–3200 *м*) субальп, альп шалбаалуу талаа ж-а кар-мөңгү (3500 ден жогору) жатат. Шалы эгилет; жайлоо.

КОЖОБАЕВ Кавалбек Асекович (12. 7. 1948-ж. т., Ысык-Көл обл., Түп р-ну, Ой-Тал айылы) – геолог, техника илимд. доктору (1996), проф. (2000), УИАнын академиги (2006). ФПИни (1971), ММУда аспирантураны (1976), докторантураны (1991) бүтүргөн. ФПИде окутуучу, ага окутуучу (1971–73), доцент (1976–88), кафедра башчысы; КТУда декан (1992–94), КРдин Экономика ж-а финансы министрлигинде бөлүм башчысы (1995–98), Бишкек финансы-экономика академиясында кафедра башчысы (1998–2002); Кыргыз-Түрк «Манас» ун-тинин профессору (2002). Инж. геология, геоэкология, гидрогеология, кыртыш механикасы б-ча адис. 100гө жакын ил. эмгектин автору, а. и. 3 монография, 3 ойлоп табуу күбөлүгү бар.

Эмг.: Тиксотропия, дилатансия и разжижение дисперсных грунтов. Б., 1991; Правила прогнозирования активизации оползней и зон их поражения при землятресениях в КР (в соавторстве). Б., 1997; Энергетический подход к сейсмическим воздействиям на нескальные грунты. Б., 2000; Гидрогеология, инженердик геология жана геоэкология боюнча кыскача түшүндүрмө создүк. Б., 2007.

КОЖО-БАКЫРГАН-САЙ — байыркы таш доорундагы адамдардын тургун жайы, журту. Кадамжай р-нундагы Кайрагач кыш-на жакын жерде, Кожо-Бакырган-Сай суусунун сол ойүзүндө жайгашкан. Бул журттан төмөнкү палеолит дооруна таандык сүйрүрөөк, бир жагы бир нече жеринен одоно чегилген эмгек куралы – чоппер табылган. О. Азияда адам жашаган эң байыркы жерлердин бири болуп эсептелет. 1954-ж. археолог А. П. Окладников изилдеген.

КОЖОБЕКОВА Сүйүмкан (1910, Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Саруу айылы – 2001, Тон р-ну, Боконбаев айылы) – малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1957). Эмгек жолун катардагы колхозчудан баштаган. 1937-жылдан Ысык-Көл обл-нун Тон р-ндагы Ленин атн. колхоздун баш чабаны болуп эмгектенген. Ал 1956-ж. өз короосундагы ар бир ирикти 70 *кг* салмакта мамлекетке тапшырып, 3,5 *кг*дан жүн кыркып алган. 1959–63-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Ленин ордени м-н сыйланган.



КОЖОГАТ (Fragaria L.) – роза гүлдүүлөр тукумундагы көп жылдык чөп өсүмдүк. 50дөй түрү Европа, Азия, Түн. Африка ж-а Америкада өсөт. КМШ өлкөлөрүндө жапайы 7 түрү бар. Көп таралгандары: токой, көк, мускат, кыргыз К-ы. Ал эми эгилме түрүнөн негизинен бак же ананас К-ы (гибрид) өстүрүлөт. Анын жапайы түрү кездешпейт. Алгачкы сорту 18-к-да Нидерландда пайда болгон. Бак К-ынын сабагы кыска, бутактанып өсөт (бийикт. 10 *см*). Жалбырагы үч ача, жазы, гүлү ак, сары түстүү. Мөмөсү кызыл, кызгылт, көп уруктуу. Чачы тамырлуу, тамыры жерге 20–25 *см* терен кирет. Суукка байымсыз. Мөмөсүндө 80–90% суу, 0,8–1,6% кислота, 0,9–1,2% азоттуу зат, 1,0–1,7% пектин, 0, 16–0,25% өндөгүч заттар, 0,4–0,8% күл, 50–80 *мг*% С витамини бар. Гектарынан 6–10 *т* түшүм алынат. Мөмөсүнөн кыям, пастила, шире жасалат. К-тын сорттору көп. Негизги сорттору: тоо мөлмөлү, комсомол, фестиваль, киев, минск, аврора, өзбекстан, ташкент ж. б. К. кочотунун, мурутчаларынан көбөйтүлөт. Токой К-ынын дарылык мааниси бар. Кырг-нда негизинен Чүй өрөөнү м-н Ош обл-нда өстүрүлөт. Гектарынан 65–90 *ц*ден түшүм жыйналат. К. зыянкечтери: кожогат шиш тумшугу, кожогат нематодасы, кожогат кенеси; илдеттери: мөмө чириги, чангыл кебер.

КОЖОГОР (Ходжа-Гор) – жогорку палеолит доорунa таандык (б. з. ч. 15–11-к.) археол. эстелик. Кырг-н м-н Тажикстандын чек арасындагы Исфара суусунун өрөөнүндө Ходжа-Гор кышна жакын жерден 1954-ж. А. П. Окладников тапкан. Жогорку сапаттагы тунук, кара, жашыл түстөгү оттук таштан жасалган түрдүү көлөмдөгү ж-а түзүлүштөгү нуклеустар, пластинкалар, кыргычтар, башы учтуу куралдар, көзөгүчтөр, эки кыры тегизделген жалпак таштар, жарандар табылган. Таш куралдары Каспий деңизи тарабында жогорку палеолит мезгилинде дагы ардалган куралдарга жакындыгы бар. Мындай куралдар Крым, Иран, Алдыңкы Азия, Египетте да табылган.

КОЖОГУЛОВ Камчыбек Чонмурунович (6. 9. 1950-ж. т., Чүй обл., Аламүдүн р-ну, Мыкан айылы) – тоо кенчи, тех. илимд. доктору (1992), проф. (1995), КР УИАнын корр.-мүчөсү (2000). ФПИни (1973), Кыргыз ССР ИАнын Тоо тектеринин физикасы ж-а механикасы ин-тунун аспирантурасын бүтүргөн. Ошол ин-тта улук инженер (1973), окумуштуу секретарь (1983), лабор. башчысы (1986), ил. иштер б-ча директордун орун басары (1988), 2008-жылдан ин-ттун директору. Тоо тектеринин механикасы б-ча адис. 180ден ашык ил.



иштердин, а. и. 6 монография, 5 ойлоп табуунун автору.

Эмг.: Напряжённое состояние и прочность элементов системы разработок крутопадающих месторождений Средней Азии (в соавторстве). Ф., 1988; Геомеханика оползнеопасных склонов (в соавторстве). Б., 1999; Геомеханические основы и технология при комбинированной разработке крутопадающих месторождений (в соавторстве). Б., 1999.

«КОЖОЖАШ» – кыргыз эл дастаны. Кожожаш мерген ж-дөгү окуянын эл арасына таралышы легенда-аңыздарды жараткан. Ал аңыз-легендалардын мазмунуна караганда, айылдан чыккан мыкты мерген ачарчылыкта, оорчулук учурда жалаң илбээсин, кийиктерди атып келип, элди ачкачылыктан куткарып, өлүмдөн сактап калган. Мына ушундай аңыз-легендадан «К.» эпосу пайда болгон. Аны айрым изилдөөчүлөр баатырдык эпоско ыйгарса, кээ бири социалдык-турмуштук эпоско ыйгарып жүрөт. Кытай уруусунан чыккан көзгө атар мерген Кожожаштын Зулайка сулууга үйлөнүшү, касиеттүү кайберен Сур эчки м-н эрегиши, Сур эчкинин каргышына калып мерт болушу, Кожожаштын уулу Молдожаш баралына жеткенде атасынын кунун кууп, Сур эчкиден өч алышы эпостун сюжеттик негизин түзөт. Дастандын уюткусу элдин аң-сезиминде реалисттик таанымдын мифол. ой жүгүртүү ж-а диний ишенимдер дин жуурулушунан жаралган деп болжоого болот. Дастанда өзгөчө адам баласы м-н жаратылыш ортосундагы аң-сезимдүү байланыш, адамдын ага болгон адеп-ахлактык мамилеси курч коюлган. Адамдын билгенден билбестикке таштalган кадамынын түбөлүктүүлүгү ж-а анын жеңиштүү болору да турмуштун өсүп-өнүгүү логикасына ылайык берилген.

«К-тын» үч варианты бар. Биринчи вариантын 1923-ж. К. Мифтаков С. Конокбаевден жазып алган; экинчи варианты А. Үсөнбаевдин айтуусу б-ча кагазга түшүрүлүп, 1938-ж. жарыкка чыккан; үчүнчү варианты 1949-ж. фольклорист З. Мамытбеков айтуучу Т. Жээнтаевден жазып алган. Бул варианттар ортосунда кескин айырма жок. Албетте, ар бир айтуучунун окуяны баяндоо манерасы, көркөм көрө билүүсү ж-а образ жаратуу ыкмаларында айырмалар бар. «К.» эпосунун негизинде М. Байжиев «Байыркы жомок» (1975) аттуу драма жазган. Драма «К-тагы» коюлган проблемалар бүгүнкү көркөм өркүндөөнүн талабына шайкеш жаңы мазмунга ээ. 1984-ж. «Ак илбирстин тукуму» аттуу фильм тартылган (реж. Т. Океев). 1985-ж. Берлинде өткөн кинофестивалда «Серебряный Медведь» сыйл. татыктуу болгон.

Ад.: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 3-том. Б., 2002.

КОЖО-КАКЫР – Баткен обл-нун Кадамжай р-нундагы кыштак. Кара-Дөбө айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 990 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Пүлгөн кыш-нан 30 *км* чыгыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. бекетинен 25 *км*. Калкы 718 (2007); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет.

КОЖОКАНОВ Мукамбет (1906, Нарын обл. Тянь-Шань р-ну, Эчки-Башы айылы – 1967, ошол эле жер) – малчы, Соц. [illegible]. Баатыры (1957). 1952-ж. [illegible]дан Нарын обл-ндагы Тя[illegible]Шань р-нунун «Коммуна[illegible]» колхозунда уйчу болуп иштеген. Ал 1956-ж. 58 өгүздүн ар бирин 414 *кг*дан мамлекетке тапшырган. Ленин ордени м-н сыйланган.



КОЖОКЕЛЕҢ – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Папан айыл округуна караштуу. Кичи Алай өрөөнүндөгү Жиптик-Суу суусунун өйүз-бүйүзүндө, деңг. 1995 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 120 *км*. Ош т. ж. бекетинен 90 *км*. Калкы 1486 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар.

КОЖОКЕЛЕҢ КӨМҮР КЕНИ Ош обл-нун Кара-Суу р-нунда. Автомобиль жолу б-ча Папан кыш-нан 43 *км*, Жиптик-Суу (Кожокелең) суусунун төмөнкү агымында. Кен 1936-жылдан бери белгилүү. 1989-ж. Кожокелең-II участкасы чалгындалган. Көмүр юра катмарынын төмөн жагы м-н байланышкан. Көмүр кабатынын калыңдыгы 0,35 *м*ден 9,40 *м*ге чейин өзгөрөт. Көмүрдүн сапаты начар изилденген. Орт. күлдүүлүгү 10,3%. Кожокелең-II участкасынын запасы 60 миң *т*.

КОЖОКМАТОВ Сатынды (3. 12. 1935-ж. т., Ысык-Көл обл., Ак-суу р-ну, Маман айылы – 4. 12. 2008, Бишкек) – медицина илимд. доктору (1993), проф. (1994). КРдин эмг. син. врачы (1995). КММИни бүтүргөн (1959). 1959–75-ж. Сүлүктү ш-нда хирург, бөлүм башчысы, 1975–79-ж. КММИде ассистент, доцент, 1990-жылдан кафедра башчысы болуп иштеген. Хирургия, травматология ж-а ортопедия б-ча адис. 130дан ашык ил. эмгеги, а. и. 4 монография, 10 ойлоп табуусу бар. СССР саламаттык сактоосунун отличниги (1970). И. К. Ахунбаев атн. сыйл. лауреаты (1999). Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Эмг.: Лечение повреждённого тазобедренного сустава и их последствий. Б., 1977; Экзогенный остеомиелит (в соавторстве). Б., 1977; Организация неатложной травматологической помощи (в соавторстве). Ф., 1985; Закрытая травма живота (в соавторстве). Ф., 1986.

КОЖОКМАТОВА Гулия Сатындыевна (14. 2. 1958-ж. т., Ысык-Көл обл., Ак-Суу р-ну, Октябрь айылы) – медицина илимд. доктору (1999), проф. (2001). КММИни (1982), Москвадагы И. К. Пирогов атн. борб. травматология ж-а ортопедия ин-тунун аспирантурасын (1987) бүтүргөн. 1987-жылдан ошол эле ин-тта клиникалык ординатор, кич. кызматкер. Өзбек травматология ж-а ортопедия ИИИде улук илм. кызматкер, ассистент. Кыргыз мамл. врачтардын адистигин жогорулатуу ж-а кайра даярдоо ин-тунда, 1999-жылдан КММАда проф. Травматология ж-а ортопедия б-ча адис. 70тен ашык илм. эмгеги а. и. 2 монография, 7 автордук күбөлүк ж-а окуу китеби[illegible]р.

Эмг.: Экзогенный остеомиелит (в соавторстве). Б., 1997; Лечение и профилактика последствий боевых повреждений конечностей. Б., 1998.

КОЖОМБЕРДИЕВ Турар (22. 6. 1941, Чүй обл., Жайыл р-ну, Сары-Булак айылы – 30. 1. 1989, Бишкек) – акын, котормочу, Кырг-н Ленин комсомолу сыйл. лауреаты (1968). 1966-ж. КМУнун филология ф-тин бүтүргөн.



1965–66-ж. «Кыргызстан пионери» гезитинде адабий кызматкер, 1969-ж. «Кыргызстан» басмасында редактор, 1970-жылдардын 2-жарымында Маданият министрлигинде, 1976–83-ж. Респ. методикалык борбордо бөлүм башчы болуп иштеген. Түнгуч ырлар жыйнагы 1961-ж. «Колчүктөгү ай» деген ат м-н жарык көргөн. К. – Бүткүл союздук фестивалдардын катышуучусу. «Кызыл алма» (1965), «Тоо үстүндөгү күн» (1966), «Тянь-Шань симфониясы» (1968), «От очпогон коломто» (1972), «Эне жана от» (1972), «Кызгылтым кеч» (1973), «Нурлуу терезе» (1975), «Токтогул ГЭСи» (1976), «Ай тийген тоо» (1981), «Ыр булак» (1984) ж. б. ыр жыйнактары бар. К. метафоралуу ой жүгүрткөн, айлана-чөйрөнү өзгөчө баамдаган лирик акын, поэзия м-н сүрөт жарата билген сезимтал сүрөткер катары кыргыз поэзиясын жаңы көз караш, көркөм табылгалар, жаңы темалар м-н байыткан. Кыргыз ад-тында обончо ылайыкталган ыр жанрын өзгөчө бийиктикке көтөргөн. К. *Молдобасанов* м-н бирдикте «Саманчынын жолу» аттуу балет-ораториясынын, «Гүлдө Кыргызстан», «Шаңдан мекен» кантатанын, М. *Абдраев* м-н бирдикте «Лирикалык хоровод», Т. Эрматов м-н бирдикте «Элүү жылда элим жаңырды» аттуу кантаталардын тексттерин жазган. 70тен ашуун ырларына обон чыгарылган. К-дин айрым ырлары орус, украин, казак, азербайжан, өзбек, француз, англис ж. б. тилдерге которулган. Кара-Балта ш-ндагы борбордук көчөгө ж-а өзү туулуп өскөн айылындагы көчөгө, Сары-Булак орто мектебине ысмы ыйгарылган.

Ад.: *Кожомбердиева У.* Турар Кожомбердиев. Эскерүүлөр. Б., 2010.

КОЖОМБЕРДИЕВ Ысман (1928, Ош обл., Сузак р-ну, Үч-Малай кыш.– 1988, Бишкек) – кыргыздын тунгуч адис-археологу, тарых илимд. кандидаты (1987). 1950-ж. Кыргыз пед. ин-тун бүтүргөн. 1954–88-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тарых ин-тунун ил. кызматкери, археология секторунун башчысы болуп иштеген. Кетмен-Төбө, Талас, Чаткал, Чүй өрөөндөрүнө жасалган археол. экспедицияларды жетектеп, коло дооруна ж-а байыркы көчмөндөргө таандык археол. эстеликтерди изилдеген. Айрыкча чыгыштан чыккан Улуу көч доору б-ча ил. изилдөөлөрү жаңы көз караштарды калыптандырган. Байыркы көчмөндөрдүн мыкты зергерлиги, аскер иши, чарбалык турмушун мүнөздөгөн табылгалары Кыргыз мамл. тарых музейинен көрүнүктүү орун алган. Ал 60тай ил. макалалардын автору.

КОЖОМЖАРОВ Чоро (7. 11. 1942, Нарын обл., Ак-Талаа р-ну, Учкун айылы – 13. 4. 1981, Фрунзе) – түнгуч кыргыз эстрада ансамблинин уюштуруучусу ж-а көркөм жетекчиси. Кыргыз ССРинин эмг. син. арт. (1974).



М. Күренкөев атн. муз. окуу жайын бүткөндөн (1958) кийин, К. Орозов атн. эл аспаптар оркестринде солист-музыкант болгон. Комузда классикалык күүлөрдү черткен, комузчулар ансамблинин курамында Атайдын, Ниязаалынын, Айдараалынын күүлөрүн чертип аткарган. 1967-ж. С. Жумалиев, Б. Эгембердиев (комуз), О. Усубалиев (электр домбра), А. Тезекбаев (аккордеон), Ю. Черкасов (бас гитара), К. Мамасалиев (урма аспап), А. Момунгазиев (куудул) сыяктуу музыканттардан эстрадалык топту уюштурган. К. эстрада ансамбли үчүн обончулардын ырларын иштеп чыккан. Анын «Биз тынчтыкты сүйөбүз», «Ашыгы келер кез болсо», «Кызганамын» ж. б. ырлары белгилүү. Ансамбль СССРдин курамындагы республикаларда, Канада, Сирия, Алжир, Монголия ж. б. өлкөлөрдө гастролдо болгон. Медалдар м-н сыйланган.

КОЖОМКУЛ Каба уулу (1888, Суусамыр өрөөнү – 1955, ошол эле жер) – кыргыз элинин алп балбаны; Кырг-нда Совет бийлигин орнотуута ж-а чындоого активдүү катышкан. 1925–30-ж. Суусамыр кедейлер к-тинин торагасы, Кара-Балта р-ндук жер болүмүнүн башчысы, 1930–42-ж. Жумгал р-нундагы Баш-Кууганды, Кайырма, Көкөмерен (Суусамыр) айыл кеңештеринин торагасы, 8-март колхозунда ферма башчысы болуп иштеген. 1942–49-ж. Сокулук р-нундагы «Победа» колхозунун кой фермасын башкарган. 47 жашында салмагы 164 *кг*, боюнун уз. 1 *м* 97 *см* (башка маалы-



мат б-ча салмагы 203 *кг*, бою 2 *м* 36 *см*) болуп, 52-олчомдогу өтүк кийген. Колунун манжаларынын уз. 26 *см*ге чейин, баш бармагынын жоондугу – 6 *см*, далысы – 76 *см* болгон. Ал балбандыгын ата-энесинен мурас катары алган. Атасы Кошуке уулу Каба (1827–1906) кара күчкө эгедер, эл оозуна алынган адам болгон. Энеси Алмадай эр сайышка түшүп жүргөн. К-дун күчтүүлүгү бала чагында эле байкалган; 15 жашында күрөшкө түшүп, 45 жаштагы дасыккан балбанды жыккан. Казак балбаны Балбан Чолокту (Балуан Шолакты) жыккандан кийин, атагы казак элине да кеңири тараган. Анын балбандыгы ж-дө эл оозунда көп аңыз айтылат. Күчкө толуп турган убагында салмагы 400 *кг* чамалуу өгүздү жаракадан сууруп алган. 22 жашында Суусамыр өрөөнүнүн Арамза төрүндө салмагы 635 *кг* ташты 100 *м*дей аралыкка көтөрүп барып, жерге күч м-н уруп киргизген («Кожомкулдун ташы»). Чүйдөн Суусамырга бараткан-да баспай калган атын көтөрүп, Төө-Ашуудан ашкан. Сом темирди ийип, ат таканы бир колу м-н кысып сындырган. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. 1962-ж. К-дун урматына Кыргызстан күрөш федерациясы эркин күрөш б-ча байге белгилеген. Бул байге үчүн мелдеш Бишкекте жыл сайын өтүп келет. 1968-жылдан респ-нын ачык биринчилиги өткөрүлүп, 1975-ж. Бүткүл союздук мелдештин статусун алган. Ысмы Суусамырдагы айылга (музейи да ачылып), Бишкектеги спорт сарайына (1993) берилип, айкели орнотулган. «Каба уулу Кожомкул» аттуу даректүү фильм тартылган (1990).

Ад.: *Байман Ф. Е., Никулин В. П.* Кожомкул – легендарный баатыр кыргызов. Б., 1996; *Эсенгулов Ш.* Кожомкул, Б., 2003; *Койчуманова Ч. У., Сапарбекова А. А.* Кожомкул тарыхый инсан. Б., 2007.

С. Торалиев.

КОЖОМКУЛ (1982-ж. чейин Сегизинчи Март) – Чүй обл-нун Жайыл р-нундагы кыштак. Кожомкул айыл округуна караштуу. Кокомерен суусунун боюнда, деңиз деңг. 2069 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кара-Балта ш-нан 120 *км* түн.-чыгыш тарапта. Кыштак 1938-ж. негизделген. Калкы 1001 (2007); негизинен мал багышат. Орто мектеп, китепкана, клуб, амбулатория бар. Соода түйүндөрү иштейт. Кыштак кыргыз балбаны Каба уулу *Кожомкулдун* ысмынан аталган. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры К. *Токолдошев* туулган.

КОЖОМКУЛ АТЫНДАГЫ БАЙГЕ – к. *Кожомкул Каба уулу.*

КОЖОМКУЛОВ Асан (23. 8. 1932, Чүй обл., Кемин р-ну, Жаңы-Алыш кыш. – 9. 10. 2001, Бишкек) – мамл. ишмер. СССР ж-а Кыргыз ССР мамл. сыйл. лауреаты (экөө тең 1982), Кыргыз ССРинин эмг. син. ирригатору (1981). 1955-ж. Скрябин атн. КАЧИнин бүткөн. 1955–63-ж. Тянь-Шань обл., 1963–67-ж. Баткен обл., 1967–72-ж. Ош обл. суу чарба мекемелеринин башчысы, 1972–79-ж. Кыргыз ССРинин суу чарба министри; 1979–90-ж. СССР суу чарба министрлигинде караштуу «Кыргыз суу чарба курулуштун» башкы башкармасынын башчысы болуп иштеген. Анын жетекчилиги м-н Киров, Төрт-Күл, Ала-Арча суу сактагычтары, Чоң Чүй, Чоң Талас, Сокулук, Панфилов, Кемин, Кочкор, Баткен, Токтогул каналдары, Он-Арча, Ак-Жар, Куланак, Ит-Агар, Жылтыр, Жерге-Тал насостук станциялары курулуп, ишке киргизилген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин беш жолку депутаты. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» орденди м-н сыйланган. Баткен обл-ндагы Төрт-Күл суу сактагычына, Бишкек ш-ндагы ж-а Кемин шаарчасындагы бирден көчөгө ысмы ыйгарылган.



КОЖОНАЗАРОВ Кенжебай (1933-ж. т., Жалал-Абад обл., Сузак р-ну, Ырыс айылы) – медицина илимд. доктору (1990), проф. (1991). КММИни бүтүргөн (1957). 1957-жылдан балдар ооруканасында врач, бөлүм башчы, башкы врач, 1983-жылдан КММИде ассистент, доцент, кафедра башчысы болуп иштеген. Педиатрия ж-а балдар гастроэнтерологиясы б-ча адис. 50дөн ашык ил. эмгеги, а. и. 1 монография, 2 ойлоп табуусу бар.

Эмг.: Хронический гастродуоденит у детей. Ф., 1987; Методы исследования органов кровообращения у детей (в соавторстве). Б., 1994.

КОЖОНАЛИЕВ Кубатбек Азатович (16. 8. 1958-ж. т., Кемин р-ну, Быстровка кыш.) – юстициянын генерал-майору (2003). 1985-ж. КМУну бүтүргөн. 1985–87-ж. КМУда окутуучу, 1987–91-ж. Бишкек гарнизонунун аскер прокуратурасында улук тергөөчү, 1991–93-ж. КРдин Президентинин Аппаратында референт, бөлүм башчысы, 1993–97-ж. КРдин аскер прокурору, 1997–99-ж. КРдин мамл. коопсуздук к-тинин торагасынын орун басары, 1999–2000-ж. КРдин Президентинин Администрация башчысынын орун басары, 2001–03-ж. КРдин Башкы прокурорунун орун басары-аскер прокурору, 2003–04-ж. Жалал-Абад обл-нун прокурору, 2004–05-ж. Чүй обл-нун прокурорунун орун басары. Чернобыль АЭСиндеги кырсыкты токтотуунун катышуучусу (1991). РФтин «Достук» ордени м-н сыйланган.



КОЖОЯР – Ысык-Көл р-нундагы кыштак. Семёнов атн. айыл округуна караштуу. Бишкек – Каракол автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1755 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Чолпон-Ата ш-нан 40 *км* чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 120 *км*. Калкы 2385 (2008); негизинен мал багышат. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар.

КОЖОЯР КУМ-ШЫЛ КЕНИ Ысык-Көл р-нунда, Кожояр кышт-ан 0,5 *км* чыгышта, Күнгөй Ала-Тоонун түш. капталындагы Ак-Суу суусунун оң өйүзүндө, деңиз деңг. 1800–1900 *м* бийикте. 1972-ж. Түз. Кыргыз геол. экспедициясы чалгындаган. Кен аймагын ортонку тортүнчүлүк мезгилинин аллювий тектери түзөт. Кум м-н шагыл суунун кашатын бойлой жайгашып, 1–2 *км*ге созулат. Калыңдыгы 25–30 *м*. Мындагы койташтар – 37,25%, шагыл – 36,09%, кум – 26,54%, кумдагы чаң – 3%. Шагылды чаңдан арылтып жууп, майдалап «300» маркасындагы бетон алууга болот. Запасы А+В категориясы б-ча 4620 миң $м^3$, $С_1$ – 7934 миң $м^3$, кумдуку А+В – 931 миң $м^3$.

КОЗЛОВ Иван Яковлевич (1900, Украина, Полтава обл., Бисал кыш. – 1989, КР, Москва р-ну) – бригадир, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1947-жылдан Москва р-нундагы Энгельс атн. колхоздун бригадири болуп иштеген. Гражд. согушка ж-а Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Анын бригадасы кант кызылчасын өстүрүүдө жогорку ийгиликтерге жетишкен. Ленин ж-а Кызыл Жылдыз ордендери м-н сыйланган.



КОЗУ – койдун бир жашка чейинки төлү. Койдун породасына, багуу шартына жараша жаңы туулган К-нун тирүү салмагы 1,5–7,8 *кг*дай болот. К. 3–4 айлыгынан баштап күрпөн, күптүк, саксак деп да аталат.

КОЗУ-БАГЛАН, Кожо-Бакырган-Сай – Баткен обл-нун Лейлек р-ну м-н Тажикстандын Хожент обл-ндагы суу, Сыр-Дарыянын сол куймасы. Уз. 117 *км*, алабынын аянты 2150 $км^2$. Түркстан кырка тоосунун түн. капталынан башталат. Баш жагы (Өрөмдүн чатына чейин) Лайли-Мазар, ортонку агымында (көп болүгү) К.-Б-дын төмөн жагы Кожо-Бакырган-Сай аталат. Жогорку ж-а ортонку агымында тоо аралап кууш өрөөндөр м-н агат. Аучи-Калача кыш. ченде өрөөнгө чыгып, өзөнү кенийт ж-а суунун көбү сугат каналдарына бөлүнүп кетет. Ири куймалары: Өрөм, Жети-Көпүрө, Борк-Суу (оң), Кожо-Бакырган-Сай (сол). Негизинен кар, мөңгү ж-а жер астындагы суудан куралат. Апрелде кирип, октябрда тартыла баштайт. Жылдык орт. чыгымы Андаркан кыш-на жакын 11,0 $м^3/сек$, эң көбү 100 $м^3/сек$, азы 3,4 $м^3/сек$га жетет. К.-Б-дан Кулунду (Кырг-н), Гулянан-доз (Тажикстан) ж. б. каналдар чыгарылган. Боюнан Лейлек, Андаркан, Тагап, Кызыл-Чарба, Өзгөрүш, Аучи-Калачи ж. б. кыш. орун алган. *Кожо-Бакырган-Сайдын* сол жээгинен байыркы таш доорундагы адамдардын журту табылган.

КОЗУБЕКОВА Мейликан (16. 10. 1932, Талас р-ну, Түлкү-Төбө айылы – 9. 5. 1974, Фрунзе) – комузчу, солист, Кыргыз ССРинин эмг. син. арт. (1967). 12 жашынан комуз черткен. 1955-ж. Талас р-нун өздүк көркөм чыгылыгынын респ. кароосуна катышып, биринчиликке жетишкен. 15 жашында Кыргыз мамл. филармониясына солист болуп кабыл алынган. Залкар өнөрпоздор Эркесары, А. Огомбаев, А. Үсөнбаев, К. Орозов, Ш. Шеркулов, Ы. Тумановдон таалим алган. 1957-ж. Москвада өткөн Жаштардын ж-а студенттердин Бүткүл дүйнөлүк 2-фестивалына катышып, лауреаттык наамга ж-а алтын медалга татыган. 1958-ж. Москвада өткөн Кыргыз иск-восу м-н ад-тынын он күндүгүнө катышкан. 1962–67-ж. В. Маяковский атн. Кыз-келиндер пед. инт-тунун музыка кафедрасында иштеген. Анын аткаруусунда «Чайкама», «Маш ботой», «Кара өзгөй» күүлөрү айрыкча чет өлкөлүк угуучулар тарабынан жогору бааланган. К. – «Эрке кыз», «Бакыт» деген күүлөрдү чыгарган. Польша, Монголия, Венгрия, Германия Демокр. Респ-нда, Бельгия, Кытай, Алжир, Сирияда ж-а СССРдин шаарларында гастролдо болгон. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. 1992-ж. Таластын А. Огомбаев айылындагы мектепке анын ысмы берилип, музейи ачылган.



КОЗУ КАРЫНДАР (Fungi, Mycota же Mycetalia) – тирүү организмдердин чоң тобу; жөнөкөй түзүлүштүү, хлорофиллсиз, тез өсүүчү, фотосинтези жок, даяр орг. заттарга муктаж, осмотрофтуу гетеротроф организмдер. Көпчүлүк К. к-дын вегетация денеси мицелий түрүндө ичке, узунунан өсүп бутактануучу жипчелерден (гифтерден) же бүчүрлөө жолу м-н көбөйүүчү тоголок, жумуру клеткалардан (ачыткы козу карын), эң жөнөкөйлөрүнүкү кабыксыз протоплазмадан турат. К. к. бир клеткалуу (жөнөкөй) ж-а көп клеткалуу (татаал) болуп болүнөт. Клеткасы целлюлоза, хитинден турган калың кабык м-н капталган. К. к-да вегетация денесинен (мицелийден) башка тукумдук дене пайда болот да, андан споралар калыптанат. Көбүнчө жыныссыз жол м-н көбөйөт. Жыныс жолу м-н көбөйүү *споралар* аркылуу жүрөт. Споралар бир же көп клеткадан туруп, түрдүү формада ж-а түстө болот. Азык субстратына жараша мителер, сап-



Козу карындар: Желе турган козу карындар: 1 – ак козу карын; 2 – подосиновик; 3 – жашыл маховик; 4 – кайың түбүндө өсүүчү козу карын; 5 – маслёнка; 6 – рыжик; 7 – жашыл сыроежка; 8 – кызыл сыроежка; 9 – сары сыроежка; 10 – вешенка; 11 – чатыр козу карын; 12 – опята; 13 – шампиньон.

рофиттер ж-а симбионтторго болунот. Мителери (грибоктор) адам, айбанат ж-а өсүмдүктөрдүн оорусун козгойт. Сапрофиттер олгон ткандын орг. заттары м-н азыктанат. Симбионттор гүндүү өсүмдүктөрдүн тамыры м-н микоризаны, балырлар м-н бирге жашап, эңилчектерди пайда кылат. Табиятта көпчүлүк К. к. узакка жашай албайт. Мицелийи бир нече суткада өөрчүп, спораны пайда кылат да, өзүнүн өсүшүн токтотот. Көп жылдык мицелийлүү К. к. да бар. Көбүнүн споралары кургакта ондогон жылдар тиричиликке жөндөмдүүлүгүн сактайт. К. к. царствосу 3 бөлүмдөн турат. Кадимки К. к-дын 4 классы (фикомицеттер, *аскомицеттер, базидиомицеттер* ж-а жетилген К. к.), 100 миңден ашык түрү бар. Кырг-нда К. к-дын 2100дөн ашык түрү белгилүү, а. и. тамак-аш катары колдонулуучу 98 түрү аныкталган. К. к-дын көбү өсүмдүк илдетин, айрымдары адам ооруларын (таз, трихофития, кандидомикоз ж. б.) пайда кылат. Айрымдарынан витамин, антибиотик, лимон к-тасы ж. б. алынат. Ачыткы К. к. нан, пиво ачытууда керектелет. Уу болуп чыгаруучулары да бар. Айрым түрү жыгач курулуштарын бузат, сактаган момолордү, тех. өсүмдүктөрдү чиритет.



Уулуу козу карындар: 1 – кызыл мухомор; 2 – сасык мухомор; 3 – темгилдүү мухомор; 4 – жалган опята; 5 – куу поганка; 6 – сары поганка.

Ад.: *Лессо Т.* Грибы Определитель. М., 2003; *Морфнина О. Е.* Антропогенная экология косвенных грибов. М., 2005. *Ж. Карабекова.*

«КОЗУ КӨРПӨШ-БАЯН СУЛУУ» – казак элинин лирика-эпикалык дастаны. Анын бир варианты 1812-ж. башкыр тилинде чыккан. Казактарда поэманын 16дан ашуун варианты бар. Дастан 19-к-да Көжө ж-а Жанак деген казак ырчыларынын айтуусунда эл арасына тараган. 19-к-дын 2-жарымында академик В. В. Радлов жазып алып (1870), немис ж-а орус тилдеринде бастырган. Ал анын көп томдуу эмгектеринин 3-томунда орун алган. Кийинчерээк Петербург ун-тинин проф. И. Н. Березин жазып алып (1876), «Түрк хрестоматиясы» деген эмгегинде жарыялаган. Эпосто 90 миң жылкылуу Карабай 83 жашка келгенде, Баян аттуу кыздуу болгону айтылат. Ал Сарыбай м-н бел куда болот, бирок ал өлгөндөн кийин Карабай кызын жетим балага бергиси келбей, башка жакка көчүп жөнөйт. Жолдо Бектак талаага туш келип, малжаны кырыла турган болгондо Кодар аттуу сыйкырчы жигит чудук казып, суу чыгарып, Карабайды кырсыктан сактап калат. Ал ыраазычылыгын билдирип, Баянды ага бермекчи болот. Козу Көрпөш Баянды издеп келип, Кодардын колунан өлүп, табат. Поэма татар, алтай, ногой, кыргыз элдеринде да айтылат. КР УИАнын Кол жазмалар фондусунда дастандын төрт варианты (Б. Алыкулов айткан варианттан тараган деп эсептелет) сакталып турат.

Ад.: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 3-том. Б., 2002.

КОЗУ КУЛАК (Rumex) – өсүмдүктөрдүн кара күрүчтөр тукумундагы көп же бир жылдык чөптөр уруусу. Жалбырагы тамырдан өсүп чыгат. Гүлү майда бир же кош жыныстуу, топ гүлү – шыпыргыдай. Эки үйлүү өсүмдүк, шамал



Козу кулак: 1 – шыпыргы топ гүлү; 2 – өсүмдүктүн түп жагы ж-а тамыры; 3 – момосүнүн жара кесилиши; 4, 5 – гүлү.

аркылуу чандашат. Момосу жаңгак сымал, үч кырдуу. 150–200 түрү дээрлик бүт жер бетине, көбүнчө мелүүн алкакта тараган. Шалбааларда өсөт, жалбыраktуу жашылча катары өстүрүлөт. Уругу ж-а тамыры м-н көбөйөт. Кышкысын жылыткычтарга отургузулат. Көпчүлүк түрү отоо чөп, айрымдары медицинада, ветеринарияда, о. эле тамак-аш катары да колдонулат.

КОЗУ КУЛАК КИСЛОТАСЫ, HOOC–COOH – эки негиздүү каныккан карбон кислоталардын эң жөнөкөй өкүлү. Түссүз кристаллдар; мол. салмагы 90,036; б. эрүү t 189,5°C; сууда ж-а орг. эриткичтерде начар эрийт. К. к. к. – күчтүү орг. кислота ж-а калыбына келтиргич. Анын туздары көп сандаган өсүмдүктүн курамында кездешет. Айрыкча козу кулакта ж-а ышкында көп. К. к. к. – күчтүү калыбына келтиргич. Кычкыл ж-а орто эфирлерди, амиддерди ж. б. туундуларды пайда кылат. Кумурска к-тасынын туздарын жогорку темп-рада ысытканда, К. к. к-ның туздары пайда болот. Ө. ж-да көмүртек кош оксиди м-н суутектен алынат. К. к. к. ж-а анын туздары металлдардын бетин жылмалоодо, чыт кездемесин чыгарууда ж-а боёодо, булгаары өндүрүүдө, *анализдик химияда* Ca, Th, Pt ж. б. металлдардын иондорун бөлүп алууда колдонулат.

КОЗУЧАК – Талас р-нундагы кыштак. Беш-Таш айыл округуна караштуу. Беш-Таш капчыгайынын оозунда, Беш-Таш суусунун боюнда, деңиз деңг. 2000 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Көк-Ой кыш-нан 8 *км* түш. тарапта. Жамбыл т. ж. бекетинен (Казакстан) 195 *км*. Кыштак 1932-ж. негизделген. Калкы 1467 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб бар. Соода түйүндөрү, ФАП иштейт.

КОЗУЧАК уулу Отор – балбан, белгилүү найзакер, к. *Отор баатыр*.

КОЙ (Ovis aries) – ача туяктуулар түркүмүнүн көндөй мүйүздүүлөр тукумундагы кепшөөчү мал. 8 миң жылдай илгери колго үйрөтүлгөн жапайы тоо коюнан (муфлон м-н аркардан) чыккан. Чон койдун 32 тиши (үстүнкү ж-а астыңкы жаагында 12ден азуу тиштери, астыңкы жаагында дагы 8 майда тиши) бар. К-дун бийикт. 55–100, уз. 60–110 *см*. Кочкорунун тирүүлөй салмагы 60–180, соолугунуку 30–100 *кг*. К-дун көпчүлүгүнүн кочкору чагарак мүйүздүү, соолугу токол же кыска мүйүздүү, оңу кара, кызыл, боз, көпчүлүгү ак болот. Уяң ж-а чала уяң жүндүү К-лор көбүнчө ак болот. К. 14–15 жыл жашап, соолугу 14–18 айлыгында жетилип, 145–155 күн көтөрүп, көбүнчө жалкы, кээси эгиз (3 эм туугандары да болот), ал эми роман кою 5ке чейин козу туурт. Ар жүз тубар соолуктан 100–120 (роман коюнан 200–250) козу алынат. Жаңы туулган козунун салмагы 3–5 *кг*. 4 жашка чейин чоноёт. Уяң жүндүү К-дун жүнүнүн уз. 5–9 *см*, чала уяң жүндүүсүнүкү 10–15 *см*. Уяң жүндүү койдон жылына 8–10 *кг* (эң көбү 31,7 *кг*га жеткен), чала уяң жүндүүсүнөн 3–6 *кг*, кылчык жүндүүсүнөн 1–4 *кг* жүн кыркылып алынат (к. *Жүн*). 5–7 айлык козунун союлгандагы салмагы 18–22 *кг*. Соолугу байыганга чейин 50–200 *кг*, кээ бир породаларыныкы 1000 *кг*га чейин [мис., остфрисланд породасы-ның соолугу (Нидерланд)] сүт берет. К-дун негизги тоюту: табигый ж-а эгилме жайыт чөбү, саман, силос, жем ж. б. К. эрте жаздан кеч күзгө чейин, ал эми кар аз түшкөн жылуу аймакта жыл бою жайытта багылат. Ар кандай шартка (ысык, суук, бийиктик ж. б.) байымдуу. К. бардык өлкөлөрдө багылат.

Т. Ж. Чортонбаев.

КОЙ, астрономияда – зодиак топ жылдызы. Кырг-н аймагынан жайдын акыркы айларында, күзүндө ж-а кышында көрүнөт. Болжол м-н 2000 жыл мурда жазгы күн, түн теңелүү чекити К. жылдызына туура келген ж-а *прецессиянын* натыйжасында Балыктар жылдызына оогон. К-дун жаркыraктыгы 6-ча 2-чондук-

тагы Хамал (ар. – «кой») ж-а 5-чоңдуктагы γ жылдыздарын анча чоң эмес телескоп м-н байкоого болот.

КОЙ БУУРЧАК (Cier L) – өсүмдүктөрдүн чанактуулар тукумундагы уруусу. Бир ж-а көп жылдык өсүмдүк. К. б-тын 30 түрү Евразияда, о. эле Түн. Чыгыш Африкада көп тараган. КМШ өлкөлөрүндө 25тей түрү Россиянын Европа бөлүгүндө, Батыш Сибирде, Кавказда ж-а Борб. Азияда өсөт. Эгилме түрү (Cier arietinum L.) – бир жылдык өзөк тамырлуу өсүмдүк. Тамырында азот топтоочу бактериялуу түймөктөрү бар. Сабагы түз, бийикт. 20–70 *см*. Жалбырагы (11–17ден), гүлү (ак, кызыл ж. б.) майда. Өзү м-н өзү чаңдашат. Мөмөсү – чанак. Ар чанакта 1–2, айрымында 4төн урук байлайт. 1000 данынын салмагы 200–300 *г*, уругунда 30% белок, 7% май, 60% азотсуз зат, B_1 витамини бар. К. б. – кургакчылыкка өтө чыдамдуу өсүмдүк. Дүмбүл кезинде чабылган бакалы тоют катары пайдаланылат.

КОЙ ЖАЛБЫРАК (Ligularria) – өсүмдүктөрдүн татаал гүлдүүлөр тукумундагы уруу. Бийикт. 50–150 *см*ге жеткен көп жылдык чөп. Сабагы жоон, тик өйдө өсөт, түктүү же түксүз. Жалбырагы кезектешип жайгашкан, саптуу, жээги тегиз, кээде тишчедей майда тилкелүү; формасы бөйрөктөй же сүйрү, уз. 10–50 *см*, туурасы 1,5 – 25 *см*. Себетчелери майда же ири (диаметри 10 – 30 *мм*). Алар сабактын учунда бирден же бир нечеси биригип калемчедей, шыпыргыдай топ гүлдү түзөт. Желекчелери сары түстө. Себетчедеги тегерек гүлдөрү тилчедей, бир же эки жыныстуу. Гүл ороочтору эки катар. Аталыгы 5, энелиги 1. Мөмөсү – данча, ал ак, киргилт сары, күрөң же кызгылт, үкүчөлүү. Жер жүзүндө 150 түрү белгилүү, алар Чыгыш ж-а Борб. Азиянын мелүүн аймактарында, Европада таралган. Кыргнда бөксө тоодон тартып, бийик тоого чейинки шалбаа, токой, бадал арасында, суу, булак, көл жээгинде, саздак жерде өсөт. Силос катары маанилүү.

КОЙ КЫРЫЛГАН КАЛАА – Каракалпак Респнын (Өзбекстан) Төрт-Көл р-нундагы байыркы шаар калдыгы. Б. з. ч. 4 – б. з. 4-к-нын башына таандык археол. эстелик. Кызыл-Кум чөлүндө жайгашкан. 1950-, 1952–57-ж. К. К. К-да археол. казуу жүргүзүлүп, *кангюй* уруусунун мадтына мүнөздүү табылгалар ж-а [illegible]-ралык эстеликтер, чарба имараттарынын [illegible]лдыктары табылган. К. К. К. калыңдыгы 7 [illegible]ерт чарчы дубал м-н курчалган. Дубалдын ор[illegible]суна жайгашкан бийикт. 8,5 *м*, айланасы 44 [illegible] *м* мунара түрүндө салынган эки кабат күмбө[illegible]крамдын калдыгы айрыкча кызыгууну тууду[illegible]. К. К. К-дан байыркы жазуулардын үлгүсү, к[illegible]рапа идиштер, сыйынуу статуэткалары ж. б. тиричилик буюмдарынын калдыктары да табылган. К. К. К-ны орус археологу, этнографы С. П. Толстов жетекчилик кылган Хорезм экспедициясы изилдеген.

Кой кырылган калаа. Аэрофотосъёмка.



КОЙЛУ ГРАФИ́Т КЕНИ Ысык-Көл обл-нун Ак-Суу р-нунда, Эңилчек кыш-нан 30 *км* аралыкта, Койлу өрөөнүнүн оң жээгинде, деңиз деңг. 3600–3700 *м* бийикте. Кен 1983–95-ж. изилденген. Байыркы метаморфизмделген калың катмардын ичинде, графиттешкен гранит-гнейс линзасы м-н кендүү катмар, калыңдыгы 30–100 *м*, уз. 3 *км* болгон графиттүү горизонтту түзөт. Графит кабаты 10 *м*ден 500 *м*ге жетип, калыңдыгы 3–4 *м*ден 20–75 *м*ге чейин өзгөрөт. Кабаттагы графиттин өлчөмү 1%тен 27%ке чейин. Иргелген концентратта графит 89%ке жетет. Изилдөөнүн негизинде (Украина ИА) алмаз күкүмү ж-а кристаллдары алынган. Арпа-Такыр участкасында графит кенташынын C_1+C_2 категориясы б-ча запасы 7717 миң *т*, графит – 268 миң *т*.

КОЙНЕ́ (гр. koinė, koinós – жалпы) – жалпы грек тили. Б. з. ч. 4-к-да Аттика диалектинин негизинде пайда болуп, ар кайсы грек айтымдарынан түзүлгөн. Б. з. 1-к-нда Рим империясынын чыгышын мекендеген калктын жалпы элдик тили болгон, кийин андан орто ж-а жаңы грек тилдери чыккан. Тил илиминде К. 19-к-дан тартып ушундай типте түзүлгөн ар кандай жалпы тилдерди атоо үчүн да колдонулат.

КОЙСАРЫ БИЙ (т. ж. б. – 1670-жылдан кийин өлгөн) – чоң багыш уруусунун бийи. Моголстан ханы Абдуллага (Абдаллах) (1638–69/70) байланыштуу эскерилет. Ал Ошту каратып келатып, Беш-Буйнак деген жерден К. б., Кара-Кучук бий, Йол-Болду бий, Уч-Куртка бий, Афат, Шады ж. б. жетектеген кыргыздардан жеңилүүгө учураган. Кийин Абдулла хан кайрадан кыргыздарга каршы аттанып, Нарын д-нын жээгинде жашаган кыргыздарды чаап кеткенде, К. б., Йол-Болду бий ж. б. артынан барып, Ак-Сайда хандын колуна сокку берген. К. б. ж-дө маалымат анын Кашкар ш-на аким болушу, бирок, хандыкка Исмаил келгенде аны түшүрүп, ордуна К. б-дин уулу Күчүктү дайындашы м-н аяктайт. Көп узабай Сузук, Касым ж. б. бектер козголоң уюштуруп, К. б-ге кошуп 25 кишинин башы алынган.

Ад.: Тарих-и Кашгар. Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 1. Б., 2002. *Т. Асанов.*

КОЙ-САРЫ ШААР КАЛДЫГЫ – 6–15-к-га таандык археол. эстелик. Ысык-Көл өрөөнүндөгү Кой-Сары айылы[illegible] түштүгүндөгү тектирчеде жайгашкан. Шаа[illegible]үн. тарабынан Ысык-Көл м-н чектешип, тү[illegible]үгүнөн коргонуу жалдары м-н бекемделген. А[illegible]ач 1869-ж. изилденген. Казуу убагында бир [illegible]п курулуш (бышкан кыштан да жасалган) [illegible]алдыктары, суу өткөрүүчү чопо түтүктөр, ка[illegible]па идиштер, металл, таш, айнек буюмдар алынган. 1926-ж. шаар аймагынан байыркы түрк ж-а араб тамгалары жазылган таш да табылган.

КОЙ-ТАШ – Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нундагы кыштак. Жаңы-Жол айыл округуна караштуу. Кой-Таш суусунун боюнда, деңиз деңг. 885 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кербен ш-нан 50 *км* чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 55 *км*. Кыштак 1931-ж. негизделген. Калкы 1976 (2007); негизинен мал м-н алектенип, тамекичиликте эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

КОЙ-ТАШ – Чүй обл-нун Аламүдүн р-нундагы кыштак. Таш-Мойнок айыл округуна караштуу. Аламүдүн суусунун сол өйүзүндө, деңиз деңг. 700 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Лебединовка кыш-нан 19 *км* түш.-батыш тарапта. Аламүдүн т. ж. бекетинен 16 *км*. Кыштак 1927-ж. негизделген. Калкы 2045 (2007); негизинен дыйканчылыкта эмгектенет, мал багышат. Орто ж-а интернат-мектеп, китепкана, клуб ж. б. бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, ФАП иштейт. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры Ж. *Мундузбаева*, КРдин эл артисти Н. *Кытаев* туулган.

КОЙ ТАШТАР – жылмаланган, жумуру таштар (тоо тек бөлүкчөлөрү). Узун-туурасы 10 *см*ден 1–2 *м*ге жетет. Суу агызып, муз шилеп, үстүнкү беттери сүрүлөт, жылмаланат, жумуру, сүйрү, жалпак, тоголок түспөлгө өтөт. Айрымдарынын чоңдугу 10 *м*ге жетет. Алар тоо таштар деп аталат. Аллювий ж-а мөңгү чөгүндүлөрүндө кездешет. Курулушка пайдаланылат.

КОЙ ТЕКЕЙ (Scorzonera) – өсүмдүктөрдүн татаал гүлдүүлөр тукумунун уруусу. Көп жылдык, чанда эки жылдык чөп ж-а бадал. Жалбырагы жөнөкөй, кезектешип жайгашат. Жер жүзүндө 170тей түрү, Кырг-нда 18 түрү бар. Кээ бир түрүнүн жер астындагы бөлүгү желет. Айрымдары балдуу, кээ биринин тамырында каучук (тоо сагыз) болот.

КОЙ ТИКЕН (Acanthophyllum) – өсүмдүктөрдүн чеге гүлдүүлөр тукумунун уруусу. Бадал, кээси көп жылдык чөп, жалбырагы тикендей, шибегедей учтуу, сабагына тушташ жайгашкан. Гүлү майда, желекчеси 5, аталыгы 10, энелиги 1. Топ гүлү – калканчадай же шыпыргыдай. Мөмөсү – кутуча. Түркмөнстанда ж-а Батыш Памирде бездүү К. т. кездешет. Кырг-нда 5 түрү өсөт. Тамырындагы сапонин тамак-аш ж-а жеңил ө. ж-нда жуугуч каражат катары пайдаланылат. Кырг-нда өскөн кадимки ж-а шыпыргыдай К. т. – көп жылдык камгак чөп. Шыпыргыдай К. т. сапониндүү, тамырынан самын алынат. Көп түрү – балдуу өсүмдүктөр.



КОЙЧИЕВ Мамбет (1899, Нарын обл, Ак-Талаа р-ну, Кара-Ой айылы – 13. 4. 1974, ошол эле жер) – малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Нарын обл-нун Ак-Талаа р-нундагы 1-Май, Тоголок Молдо атн. колхоздордо жылкычы болуп иштеген. 1947-ж. 50 бээден 50 кулун алып, аман асыраган. Ленин ордени м-н сыйланган.

КОЙЧИЕВ Турсунбек (14. 10. 1941-ж. т., Чүй обл., Жайыл р-ну, Сары-Булак айылы) – КРдин эл сүрөтчүсү (2007), КРдин мад-тына эмг. сиң. ишмер (1993), СССР ж-а КР сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү. Фрунзедеги көркөм сүрөт окуу жайын бүткөн (1964). Анын чыглыгы пейзаж жанрында 1960-жылдарда калыптанган. 1965-жылдан респ. көргөзмөлөргө катыша баштаган. Кырг-нда совет бийлигинин орношуна арналган «20-жылдардагы Кыргызстан аялдары» аттуу тунгуч тематикалык триптихи м-н таанылган. «Чөп чабыкта» (1973), «Тоодогу кеч» (1974–75), «Сууга түшүп жаткан кыздар» (1974) ж. б. пейзаждык чыгармаларында кыргыз жеринин кайталангыс сулуулугун даңазалайт. К. 30дан ашык респ., бүткүл союздук ж-а эл аралык (Швеция, Бельгия, Монголия, Италия) көргөзмөлөргө катышкан. Анын чыгармалары Кыргыз улуттук көркөм сүрөт музейинде, о. эле Франция, АКШ, Кытай, Германия, Түркия, Россия ж. б. өлкөлөрдөгү менчик коллекцияларда сакталуу.



Т. Койчиев. «Кара-Көл». 2008.



КОЙЧУ БАШТЫК (Capsella) – өсүмдүктөрдүн кайчы гүлдүүлөр тукумундагы бир же эки жылдык чөптөр уруусу. Гүлү майда, калканчадай, топ гүлү гүлдөгөндөн кийин узарып кетет. Мөмөсү – эки жагынан кабырылган саадакча, баштыкчага окшош (аты ошондон). 5–7 түрү мелүүн ж-а субтропик алкактарда, КМШ өлкөлөрүндө 3 түрү кездешет. Кадимки К. б. бир жылдык отоо чөп, талаа, огород, турак жай айланасында өсөт. Жаздан баштап күзгө чейин 3–4 жолу гүлдөп уругун берет. Кайчылаш ж-а өзүн-өзү чаңдаштырат. Дарылык касиетке ээ, уругунда май болот.

КОЙЧУЕВ Турар (4. 9. 1938-ж. т., Чүй обл., азыркы Жайыл р-ну, Сары-Булак айылы) – экономист, экономика илимд. доктору (1985), проф. (1986), Кыргыз ССР ИАнын академиги (1989), КРдин илимге эмг. син. ишмери (1992), КРдин илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (1996). Экономика теориясы, региондук экономика б-ча адис. КМУну бүткөн (1961). 1963–87-ж. Кыргыз ССР ИАда аспирант, ил. кызматкер, бөлүм башчы, ЭИнын директорунун орун басары, 1987–93-ж. КР УИАнын вице-президенти, 1990–92-ж. КРдин мамл. катчысы, 1993-ж. КР Өкмөтүнүн вице-премьер-министри, 1993–97-ж. КР УИАнын президенти, 1998–2008-ж. КР Финансы министрлигине караштуу Экон. ж-а социалдык реформалар б-ча борбордун директору, 2008-жылдан Кыргыз-Түрк «Манас» ун-тинин проф. Ил. докладдар м-н Россия, АКШ, Англия, Япония, Германия ж. б. өлкөлөрдө болгон. 300дөй ил. эмгектин, а. и. 30дан ашуун монографиянын автору. 3-даражадагы «Манас» ордени м-н сыйланган (2003).



Эмг.: Кыргызстан: каким будет завтра. Б., 1994; Экономика переходного периода. Б., 1995; История кыргызов и Кыргызстана (авторлош). Б., 1995; Постсоветская перестройка: теория, идеология, реалии. Б., 1999.

КОЙЧУЕВА Мээрим (1. 2. 1974-ж. т., Бишкек) – экономика илимд. доктору (2006). Коммерциялык банктардын ишмердигин изилдөө б-ча адис. КМУУну бүткөн (1995). «Кыргызстан» акционердик-коммерциялык банкында экономист (1995–96), КР Улуттук банкында экономист, улук экономист, башкы экономист (1996–2006). 2006-жылдан КРСУда кафедра башчысынын илим б-ча орун басары, проф. 20дан ашуун эмгеги, а. и. 6 монографиясы жарык көргөн.

Эмг.: Формирование рыночной экономики СНГ в переходный период. Б., 1999; Экономика Кыргызстана на переломном этапе (авторлош). Б., 2003.

КОЙЧУМАНОВ Таалайбек (9. 1. 1956-ж. т., Жалал-Абад) – экономист, экономика илимд. доктору (2000), проф. (2000). Рынок экономикасы, экон. пландоо ж-а мамл. жөнгө салуу б-ча адис. КМУну (1978), ошол эле жерден аспирантураны (1982) бүткөн. КМУда окутуучу (197[illegible]82), Кыргыз ССР ИАда [illegible] кызматкер (1982–91), [illegible] Президентинин Аппаратында референт, бөлүм башчы, башкармалыктын начальниги (1991–94), КР Экономика б-ча мамл. к-тин төрагасы (1994–95), КР Экономика министри (1995–96), КР Финансы министри (1996–98), Региондук из. ин-тунун ил. кызматкери (1999–2000), БУУнун өнүктүрүү программасынын улуттук кеңешчиси (2000–05), КР Президентине караштуу Инвестициялык кеңештин секретариатынын жетекчиси (2007-жылдан). 50дөн ашуун ил. эмгеги, а. и. 10 монографиясы жарык көргөн. «Данк» медалы м-н сыйланган (1998).



Эмг.: Первый этап экономических реформ. Б., 1996; Проблемы экономической стабилизации в Кыргызской Республике. Б., 2000. Мониторинг инвестиционной ситуации в Кыргызской Республике (авторлош). Б., 2001.

КОКО́ВЦОВ Павел Константинович (19. 6. 1861, Павловск ш. – 1. 1. 1942, Ленинград) – чыгыш таануучу, семитолог, эпиграфист, ординар проф. (1902). Петербург ИАнын ординар академиги (1902), академиги (1912). Орус гебраистика, ассириология мектебин негиздөөчүлөрдүн бири. Санкт-Петербург гимназиясын (1880), Санкт-Петербург ун-тинин чыгыш тилдери ф-тин (1884) бүткөн. Ун-тте араб-фарс-түрк-татар тилдери б-ча лекция угуп, санскрит м-н иштеген. 1893-ж. еврей тили б-ча окумуштуу магистр даражасын алат. К. семит тилдеринин дээрлик бардыгын ж-а алардын жазууларын билген. Эмгектери семит тилдерине ж-а жазуу эстеликтерине, семит ж-а эллиндик Чыгыштын элдеринин эпиграфикасына, археографиясына, тарыхына арналган. Сирология жаатында Ысык-Көлдүн түш. жээгинен табылган сиро-түрк жазууларын биринчи жарыялаган. Чүй өрөөнүндөгү Пишпек м-н Токмоктун жанынан табылган несториан-христиандардын эстелик таштарындагы жазууларды окуп, «К сиро-турецкой эпиграфике Семиречья» деген макала жарыялаган. Семитолог-энциклопедист катары ал орус чыгыш таануу илиминде өчпөс из калтырган. Ленинградда блокада учурунда каза болгон.

Эмг: Христианско-сирийские надгробные надписи из Алмалыка // ЗВОРАО, Т. XVI, 1905; Несколько новых надгробных камней с христианско-сирийскими надписями из Средней Азии // Изв. Имп. Акад. наук, 1907, № 12; К сиро-турецкой эпиграфике Семиречья // Изв. Имп. Акад. наук, 1909.

Ад.: *Пигулевская Н. В.* Академик П. К. Коковцов и его школа // Вестник ЛГУ, 1947, Вып. 11 (библ.); *Крачковский И. Ю.* П. К. Коковцов в истории русского востоковедения //*Крачковский И. Ю.* Избр. соч. М.; Л., 1958. Т. 5; Палестинский сборник М.; Л., 1964.

КОКОН – Өзбекстандын Фергана обл-ндагы шаар. Фергана ойдуунун түш.-батышында, Сох д-нын төмөн жагынан жайгашкан. Калкы 206 миң (2008). Т. ж. тоо-у. Жеңил (пахта тазалоочу з-ддор, байпак [illegible]бинаты, тигүү ф-касы), хим., тамак-аш (м[illegible], машина куруу ж-а металл иштетүү (текстиль ж-а электр-тех. ө. ж. үчүн) ө. ж. бар. Пахта тазалоочу ишкана үчүн жабдуу ж-а фосфор жер семирткичин чыгарат. Пед. ин-т, театр, Х. Н. Хамзанын үй-музейи, край таануу ж-а ад-т музейи бар. Алгач 10-к-да Хувакенд, Хоканд, Хавокент, Хавокин деп эскерилет. Индиядан Кытайга кеткен кербен жолдун жээгинде жайгашкан. 13-к-да монголдор тарабынан талкаланган. Кийин К-нын ордунда Эски-Коргон чеби пайда болгон. 1732-жылдан шаар. 1740-ж. *Кокон хандыгынын* борбору, диний ордосу болгон. 1876-ж. Россия империясына кошулуп, Түркстан генерал-губернаторлугундагы Фергана обл-нун курамына кирген. О. Азиядагы ири соода борбору. 1917-жылдын аягы – 18-к-дын башында Кокон автономиясынын, 1924-жылдан Фергана обл-ндагы Кокон р-нунун борбору, 1991-жылдан Өзбекстан Респ-нын курамында. 18–19-к-дын арх-ралык эстеликтери [Медресе-и Мир (18-к-дын аягы); Нарбото-бий медресеси (1799, учурда мечит); Дахман-Шохон ж-а Мадари-хан күмбөздөр ансамбли (экөө тең 1825); Кудаяр хандын ак сарайы (1871); Камол казы, Зимбардор ж-а Хуржам медреселери (баары 1827) ж. б.] сакталган. К-дагы мурдагы орус банкынын имараты (1903, 1963-жылдан Гафур Гулям атн. ад-т музейи), Крафттардын үйү (1903, азыр шаардык аскер комиссариаты) ж. б. бар. Эстеликтер (гражд. согуштун баатырларынын боордоштук бейити түбөлүк от ж-а обелиски м-н, 1965; Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларынын, 1981; «Эстелик-Хотира» мемориалдык комплекси, 1985 ж. б.) орнотулган. Кол өнөрчүлүк (жезди чегелөө, токуучулук, жыгачты кооздоо) өнүккөн. Элдик иск-вонун көөнө борбору.



Кокон ш-ндагы край таануу музейи. 1863–73-ж. Кудаяр хандын ордосу.

Ад.: *Тухтасинов И.* Коканд. Справочник. Таш., 1969; *Круковская С. М.* Встречи с Кокандом. Таш., 1977; *Лукашов Н. А.* Коканд. Таш., 1988.

КО́КОН, п и л л а – көптөгөн курт-кумурскалардын куурчакчасынын коргонуу түзүлүшү. К. личинка куурчакчага айлануунун алдында бөлүп чыгарган жибек жиптен чиеленип курулат. Көптөгөн көпөлөктөр, о. эле кээ бир кумурскалар К. пайда кылат. көптөгөн коңуздардын личинкалары (мис., узун тумшуктар) куурчакчага айланарда өзү бөлүп чыгарган шилекейден К. курат. Сөөлжандар, сүлүк курттар, жөргөмүштөр, кээ бир моллюскалар жумуртка К-ун (пилласы) пайда кылып, анын ичинде жумуртка өөрчүйт.

КОКОН АВТОНОМИЯСЫ, Т ү р к с т а н а в т о н о м и я с ы – *Кокон хандыгынын* ордуна түзүлгөн улуттук-демокр. мамл. түзүлүш. Ал Россияда жүрүп жаткан рев-яларга (к. *Февраль революциясы, Октябрь революциясы* ж. б.) байланыштуу 1917-ж. 26–29-ноябрда (9–11-декабрь) жерг. элдин улуттук кызыкчылыгын коргоо максатында Түркстан мусулмандарынын крайлык 4-съездинде жарыяланган. Бирок почта-телеграф кызматкерлеринин узакка созулган иш таштоосу ж-а демокр. багыттагы гезиттердин катуу көзөмөлдө болушу съезд ж-дө кабарды жер-жерлерге жеткирүүгө тоскоол болгон. Съезддин ишине 203 депутат, алардан сырткары *«Шура-и Ислам»* саясий партиясы ж. б. уюмдардан өкүлдөр катышып, Түркстанды башкаруу, Түш.-Чыгыш союзуна (советтерге каршы Дон казак-орус өкмөтү тарабынан түзүлгөн Түн. Кавказдагы уюм) кошулуу, Түркстан мусулмандар кеңеши, анын Аткаруу к-тин кайра шайлоо, учурдагы абал, о. эле Түркстан уюмдаштыруу жыйыны, крайда финансылоо ж-а милициялы уюштуруу маселеси каралган. 27-ноябрь, түнкү саат 24тө Улуу орус рев-ясынын улуттардын өзүн-өзү башкаруу ж-дөгү идеясын жетекчиликке алып, «Россия Федеративдүү Республикасынын курамында Түркстан улуттарынын аймактык эркин автономиясы түзүлдү» деген саясий чечим кабыл алынган. 28-ноябрда уюмдаштыруу чогулушу чакырылганга чейин бүт бийлик Түркстандагы Убактылуу кеңешке ж-а Түркстан Элдик жыйынына таандык деп жарыяланган. К. а-нын мыйзам чыгаруучу органы катары 54 адамдан турган Түркстан убактылуу совети ж-а өкмөт курамы түзүлүп, ага М. Тынышбаев (төрага), М. Чокай (адегенде тышкы иштер министри, кийин төрагасы), Агеев, Хожаев ж. б. киришкен. К. а. Россияда түзүлгөн өкмөткө карама-каршы болбой, тескерисинче *В. И. Ленин-дин* идеялары ишке ашып жатканын ж-а «өкмөт өзүнүн бирден-бир милдети – азчылыктын укук-

тарын коргой тургандыгын» белгилешкен. Өз алдынча басма сөзү катары «Свободный Туркестан», «Знамя свободы» (орус тилинде), «Эл байрак» (казак, кыргыз, өзбек тилдеринде) ж. б. жарыяланып турган. Кокондогу бул жаңы өкмөттүн кадыры тез өсүп, «Шура-и Ислам», *«Иттифак»*, «Мусулман эмгекчилеринин союзу» ж. б. уюмдар да аны колдоп чыгышкан. Мындай абалда большевиктер провокацияга баруугa аргасыз болуп, 13-декабрдагы бейтарап митинг учурунда саясий ыдык коргон деп, түрмөдө жаткан адамдарын бошотууга жетишкен. Ошондон кагылышуу башталып, 16 киши өлүп, түрмөдөн бошотулгандар кармалып, өлүм жазасына тартылган. Ушундай кандуу окуядан кийин Түркстан Эл комиссарлар кенеши м-и Ташкент шаардык кенеши В. И. Ленинге кайрылып, ага саясий баа берүүнү сураган. Улут маселеси б-ча комиссар И. В. *Сталин* ага «бийлик силердин колдо, демек директиваны да өзүнөр чыгаргыла» деп жооп берген. Анын негизинде большевиктер «Автономияны түзүү жөнүндөгү маселени Уюмдаштыруу жыйыны гана чечиши керек», «Кеңеш өкмөтү автономия курууга каршы эместигин, бирок ал сөзсүз пролетардык формада болуу керектигин» айтып, Түркстан мусулмандарынын 4-съездинде кабыл алынган токтомдорду ж-а К. а-н мыйзамсыз деп тапкан. Ага жооп кылган Түркстан демокр. кыймылы жалпы мусулмандардын 4-съездинин чечимин колдоого алып, 1917-ж. 25-декабрда Кокон ш-нда мусулман жумушчу-дыйкан ж-а солдаттардын чукул чакырылган I съездин өткөрүшкөн. Ага катышкан 200 делегат жалпы мусулмандардын 4-съезди кабыл алынган чечимдерди колдогон токтом кабыл алышкан. Бирок мусулмандардын «Улема» партиясы ж-а Жети-Суу демокр. кыймылы К. а-н колдоодон баш тартышкан. Ушуну м-н 20% калк шайлаган Ташкент шаардык кенеши туура, ал эми калктын басымдуу болүгүнүн ой-тилегин коздогон мусулман элинин эки съездинин чечимдери туура эмес болуп табылып, крайда кош бийлик орногон. Натыйжада ага атаандаш Ташкент эл комиссарлар Совети К. а-ның мыйзамсыз деп эсептеп, 1918-ж. февраль айында аларга куралчан интервенция уюштурган. Туруктуу аскери, курал-жарагы жогунан К. а. тез эле кулап калган. Көптөгөн бейкүнөө адамдар набыт болуп, К. а-н жоюунун мындай жолу коомчулукту иржениткен. Мис., ага катышкан Д. И. Мажара: «...бул жүрүштөн "автономияны" каалагандар гана эмес, аларга каршылар да жапа чекти. Талап-тоноо, зордуктоого жол берилди»,– деп жазган. Бирок большевиктер басымдуулук кылган Кенеш мындай күнөөнү мойнуна албай, уяткаруу м-и гана чектелген. 1918-ж. май айында «Шури-и-Улема» таркатылат ж-а демокр. маанайдагы гезит-журналдар жабылып, алардын жетекчилерин куугунтуктоо башталган.

Ад.: Национальный вопрос на перекрестке мнений, 20-е годы: документы и материалы/Сост. В. А. Горный и др. М., 1992; *Абдуллаев Р. М. и др.* Туркестан в начале XX века: К истории истоков национальной независимости. Таш., 2000; *Исхаков С. М.* Российские мусульмане и революция (весна 1917 г. – лето 1918 г.). М., 2003; *Джуманалиев А.* Политическая история Кыргызстана: Становление политической системы Кыргызского общества. Б., 2005; *Аниходжаев С.* История Туркестанской автономии (Туркестан мухторияти). Таш., 2006.

Ө. Алымкулов.

КОКОН КӨТӨРҮЛҮШТӨРҮ – 19-кылым 2-жарымында кыргыздардын *Кокон хандыгына* каршы күрөшү. Россиянын вассалына айланган (1868) Кокон хандыгы карамагындагы элден (Фергана өрөөнү, Памир-Алай аймагы) алык-салык алууну көбөйткөндүктөн, элдик көтөрүлүш башталган. Алгач 1871-ж. эрте жазда Сох өрөөнүндө жашаган кыргыздар Кудаяр ханга каршы көтөрүлүшкө чыгышкан. Атабек башында турган 2 мин сарбаз көтөрүлүшчүлөрдү чегинтип, 12 кыргызды колго түшүрүп, дарга асышкан. Эзүүнүн күчөшүнөн улам Кокон хандыгынын кол алдында жашаган калк айласыз орустарга караган башка уезддерге көчө башташкан (мис., 1873-ж. Олуя-Ата уездине 800дөн ашык түтүн көчкөн), бирок орус бийлиги аларды кайра кайрып берген. К. к-нүн биринчи этабы (1873–74) Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы чыкса, орус аскеринин ага жардам беришине байланыштуу экинчи этабында (1875–76) ал хандык м-н кошо орус бийлигине каршы багытталган. Көтөрүлүшкө кыргыздардан башка өзбек, тажик, казак ж. б. элдер да катышкан. Кыргыздардын ичкилик уруусунан чыккан *Искак* Асан уулу К. к-нүн белгилүү жетекчилеринин бири болгон [к. *Искактын көтөрүлүшү (1873–75)*]. Анжияндык кыргыздарды *Мамыр* Мерген уулу, чаткалдыктарды *Момун* Шамырзак уулу жетектеген. Көтөрүлүштүн кысымынан адегенде Кудаяр хан, андан кийин такка отурган Насирдин качып барып, *Түркстан генерал-губернаторлугунун* кол алдына баш калкалоого аргасыз болгон. Көтөрүлүшчүлөр Коконду эөлеп алгандан кийин Кокон хандарынын отүнчүсүн канааттандырган падыша өкмөтү анын аймагына орус аскерин киргизүүгө уруксат берген. Ага карабастан, көтөрүлүш улана берген. 1875-ж. декабрдын аяк чениңде мыкты куралданган орус аскерлери Наманган ш-н, 1876-ж. январь айында Анжиян, Асаке, Үч-Коргон ш-н көтөрүлүшчүлөрдөн бошоткон. Ага туруштук бере албаган кыргыздар 1876-ж. Алай тоолоруна чегинген. 1876-ж. 8-февралда генералдар Г. А. Скобелев ж-а М. Д. Колпаковский Коконго кирген. 19-февралда Кокон хандыгынын Россия империясынын курамына киргени тууралуу расмий буйрук жарыяланган. Скобелев ж-а Витгейнштейн жүргүзгөн Алай экспедициясынын жыйынтыгында Абдылдабек жетектеген акыркы көтөрүлүшчүлөр 1876-ж.

жай айларында Афганстанга өтүп, натыйжада К. к. күчүн жоготкон (к. *Кыргызстандын Россияга каратылышы*).

Ад.: *Терентьев М. А.* История завоевания Средней Азии. Т. 1. СПб., 1906; *Жамгырчинов Б.* Очерк политической истории Киргизии XIX века. Ф., 1966; *Плоских В. М.* Киргизия и Кокандское ханство. Ф., 1977; *Кененсариев Т.* Кыргызстандын Орусияга каратылышы. Б., 1997; *Асанов А.* Избранные труды. Очерки по истории Киргизии. Б.; М., 2004.

С. Наркеев.

КОКОН ХАНДЫГЫ – 18–19-к-дагы О. Азиядагы ири мамлекет. Бөлжөл м-н 1709–10-ж. калыптанып, 1876-ж. жоюлган. Алгач Фергана өрөөнүндөгү Дыйкан-Тоо деген жерди Ашыраалы бий башында турган мин уругу ээлеген. Кийин баласы Шахрух Эски-Коргон, Чамаш, Чадак, Партак ж. б. кыш-ды оз ээлигине кошуп, Шахрух ибн Чамаш бий аталык деген ысым алган. 1721–22-ж. анын уулу Абд ар-Рахим Кокон вилайетин бийлеп, иниилери – Абдыкеримге (Абд ар-Карим) Хожентти, Шадыга Маргаланды башкарткан. Абд ар-Рахимдин тушунда Жаңы-Коргон кыш. негизделип, кийин Кокон ш. деп аталат. Ушул жерге хандыктын байтактысы биротоло жайгашып, тарыхта ал К. х. деген ат м-н калган. Алим хандын (1798–1809) тушунда Кокон хандарынын теги *Тимурдун* ту-





Кокон хандыгында колдонулган тыйындар.



куму *Бабурдан* тараган (Алтын-Бешик, Теңир-Жар) деген генеол. уламыш калыптанган (к. *Миң династиясы*). Бирок мындай коз караш азырынча ил. деңгээлде далилдене элек. К. х-нын түптөлүшүнө жалан эле миңдер эмес, негизинен кыргыз, кыпчак, сарт, жүз сыяктуу уруулар олуттуу роль ойноп, саясий тарыхында Ферганадагы отурукташкан ж-а көчмөн калктын ортосунда тынымсыз күрөш жүрүп келген. Анын негизинде отурукташкан уруулар м-н катар эле кыргыздар да саясий бийликке ээ болуп турган. К. х-нын тарыхы түптөнүү, гүлдөө, кыйроо дооруна бөлүнөт. Түптөнүү доорунда калмактан сүрүлүп, Анжиянга келген кыргыздардын (к. *Жуңгар хандыгы, Кыргыз-калмак согуштары*) тийгизген таасири абдан күчтүү болгон. Алардын аркасы м-н алгач Маргалаң, Хожент, анан Анжиян, Наманган вилайети түзүлгөн. К. х-нын күчөп баратканын көргөн калмактар 1734-, 1745–48-ж. Фергана өрөөнүнө бир нече жолу жортуул жасап, Кокон ш-н камоого алышкан. Ошол мезгилде кокон-кыргыз согуштук өнөктөштүгү түзүлүп, жардам берүү үчүн Касан ш-нын чыгышында жашаган кыргыздын миң түтүнү көчүп барган. Алар Кокон бийи Абдыкерим, Ото-Төбөнүн акими Фазыл бийлер м-н бирдикте калмактарды Ферганадан сүрүп чыгышкан. Бирок жуңгарлардын кийлигишүүсү м-н такка Баба бий отуруп (1750), кыска убакыт аларга коз каранды болуп калган. Жунгар хандыгы талкалангандан кийин же Эрдене бийдин экинчи жолу такка отурушунан (1752–69) баштап К. х. акырындап кубаттуу мамлекетке айлана баштаган. Бул учурда кыргыз м-н казактар калмактан бошогон өзүлөрүнүн чыгыш жактагы мурунку конуштарына көчө баштап (к. *Кыргыздардын Чүйгө келиши*), К. х-нын ээлигинин кенейишине кошумча, ынгайлуу шарттар түзүлгөн. Натыйжада тышкы саясаты агрессиялуу мүнөзгө ээ болуп, *Кубат бий* өлтүрүлгөн. Ушул мезгилдерде казак султаны *Абылай* да Эрденеге каршы бир нече жолу жортуул уюштурган. 1760-ж. кокондуктар Ош ш-нын айланасындагы адигине уругуна тиешелүү эгин талааларын талкаласа, 1761-ж. *Ажы бий*, *Маматкул бий* м-н Арзымат башындагы кыргыздар Эрденени чаап алуу үчүн кол топтогон. Бирок Цин империясынын кийлигишүүсү м-н эки тарап жарашууга аргасыз болушат. 1762-ж. Кытай императоруна жиберген катында Эрдене өзүн хан деп атап, Кашкар тоолорун эки өлкөнү бөлгөн чек ара деп санаган. Нарбото бийдин (1770–98) тушунда ички абалга көбүрөөк көңүл бөлүнүп, К. х-нын калыптанышы аяктаган. 1798-ж. Төрө-Коргондо бек болуп турган Ажы бий (Абдырахмандын уулу) агасы Нарботого каршы козголоң уюштурат. Бирок ою ишке ашпай, адегенде Чаткалдагы кыргыздарга баш калкалап, анан Ташкенттеги Жунус кожонун алдына качып барган. Улуу уулу Улугбек кокусунан каза болсо, Ажы бийдин өзү 1801–02-ж. Алим хан тарабынан олтүрүлүп, 2-уулу *Шераалы* таластык кыргыздардын колунда (кээ бир маалыматта Ажыбай датка, башка кабарларда Базар баатыр кынында) чоңойгон. К. х-нын түптөнүү доорунда түш. кыргыз уруулары К. х. м-н тыгыз саясий алакада турушса, аркалык (түндүк) кыргыздар этностук-саясий, салт-санаа, руханий байланышын үзүшкөн эмес. Алим хандын такка отурушу м-н К. х-нын гүлдөө доору башталат. Анын тушунда Фергана өрөөнү биротоло К. х-на бириккен ж-а ички саясатынын орчундуусу аскер реформасы болуп, мылтык, замбирек м-н куралданган 10 миңдей туруктуу атчан аскер түзүлгөн. Омор хандын (1809–22) тушунда басып алуу саясаты дагы уланган. 1816-ж. Түркстан ш., Сыр-Дарыянын томонку агымы, Кетмен-Төбө өрөөнү, 1830-ж. Фергана өрөөнү толук, Памирдин кыйла бөлүгү, Тоолуу Бадахшан, Жызак, Ташкент, Түш. Казакстан, Кырг-ндын бардык аймагы, Кашкар ойдуңунун бир бөлүгү К. х-на караган. Жаңы шаарлар түптөлүп, экономикасы жонго салынып, казына байыган ж-а ири сугат курулуштары курулган. 1832-ж. Кокон–Пекин келишими тышкы саясатындагы чоң ийгиликтин бири болгон. *Мадалы* хандын (1822–42) тушунда К. х-нын начарлашына оболгө түзүлүп, жерг. уруу төбөлдөрү топ-топторго бөлүнүп, өз ара күрөш жүргүзө баштаган. Ушундай абалдан улам Букардын эмири Насрулла 1842-ж. Мадалыны ж-а анын бир туугандарын өлтүрүп, Фергана чөлкөмүн ээлеген. Бирок ал Кокон бийлигин көпкө кармай алган эмес. Бул мезгилде кыргыздар кайрадан саясий күчкө ээ болуп, түш. жактагы кыргыз бийлеринин таасири өзгөчө күч алган (к. *Нузуп бий*). Шераалы такка отуруп (1842–44/45), Нүзүп мин башы аталык наамын алышы м-н К. х-нын кыйроо доору башталат. *Кудаяр* хандын 1-, 2-, 3-хандыгы ж-а *Мала* хандын учурунда кыргыз, кыпчак ж. б. кландардын бийлик үчүн атаандашуусу күчөп (к. *Алымбек датка, Алымкул аталык, Йакуб бек, Курманжан датка, Мусулманкул*), көтөрүлүш [(1873–75), к. *Искактын көтөрүлүшү, Кокон көтөрүлүштөру, Кыпчак кыргыны*], төңкөрүштөр болгон. Учурдан пайдаланып, аркалык кыргыздар да К. х-нын бийлигинен бошонууга аракет жасай башташкан (к. *Жантай хан, Ормон хан*). Чүй өрөөнү падышалык Россияга каратыла баштаган мезгилде (к. *Кыргызстандын Россияга каратылышы*) К. х-нын ички абалы өтө начарлаган. Ошого карабастан, ал орус баскынчылыгын токтотууга катуу аракет жасаган (к. *Канаат шаа, Узун-Агач салгылашуусу*). Орус генералы М. *Черняевдин* жетекчилиги алдында 1864-ж. Чымкент, 1865-ж. Ниязбек чеби алынып, 1866-ж. Хожент, Оро-Тобо, Жызак ж. б. орус бийлигине каратылышы м-н К. х-нын ээлиги негизинен Фергана өрөөнүн гана камтып калган. 1867-ж. Ташкент ш. *Түркстан генерал-губернаторлугунун* борборуна айланып, 1868-ж. К. П. Кауфман м-н соода келишимине кол коюлган. Россия империясы 1875-ж. Фергана өрөөнүн каратканан. 1876-ж. 19 февралда К. х. жоюлуп, анын ордуна Түркстан генерал-губернаторлугуна караган Ферганан обл. түзүлгөн.

Ад.: *Наливкин В. П.* Краткая история Кокандского ханства. Казань, 1886; *Терентьев М. А.* История завоевания Средней Азии. Т. 1. СПб., 1905; *Джамгирчинов Б.* Очерк политической истории Киргизии XIX века. Ф., 1966; *Набиев Р. Н.* Из истории Кокандского ханства (феодальное хозяйство Худояр хана). Таш., 1973; *Плоских В. М.* Киргизы и Кокандское ханство. Ф., 1977; *Бейсембиев Т. К.* «Тарих-и Шахрухи» как исторический источник. А.-А., 1987; *Кененсариев Т.* Кыргызстандын Орусияга каратылышы. Б., 1997; *ошонуку эле.* Кокон хандыгы жана кыргыздар. Ош, 1997; *Сапаралиев Д. Б.* Этнополитическая история г. Ош и его окрестностей с XVIII до середины XIX в. Б., 1999; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 2. Б., 2000; *Касанов А.* Избранные труды. Очерки по истории Киргизии. Б.; М., 2004; *Зиявуддин Максым* (*Маглуми*). Фергана хандарынын тарыхы. Б., 2007.

С. Наркеев.

КОКОС АРАЛДАРЫ, К и л и н г – Инди океанынын чыгыш бөлүгүндө, Суматра а-нов түштүктө жайгашкан аралдар тобу. Австралияның тышкы аймагы. Аянты 14,2 *км*². К. а. 26 аралдан турат. Бул аралдардын үчөөндө гана эл бар. Калкы 629 (2009); негизинен малайзиялыктар (Хом а-нда), о. эле европалыктар да жашайт. Калкынын 80% ке жакыны мусулман-сунниттер, калгандары христиандар ж-а башка диндердин окулдору да кездешет. Эл аралык аэропорту бар (Уэст-Айленд а-нда; негизинен Австралия ж-а Түш.-Чыгыш Азия м-н байланышат). Адм. борбору – Уэст-Айленд (калкы 200го чукул, 2008; аталышы ушундай аралда жайгашкан). Бантам посёлкасынын калкы 400го жакын (Хом а-нда). Расмий тили – англис тили. Акча бирдиги – австралия доллары. Климаты тропиктик пассаттык, нымдуу. Орт. темп-расы 23–30°С; жаанчачыны 2000 *мм* (негизинен январдан сентябрга чейин жаайт). Кокос пальмасы, бадал өсөт. Түн. атоллу чектеш жаткан акваториялары м-н Пулу-Килинг улуттук паркынын аймагына туура келет. Аралдарды 1609-ж. капитан У. Килинг ачкан. 1825-ж. 6-декабрда капитан Ж. Клюнис Росс башкарган экспедиция аралга келген. Ал 1827-ж. Түш. атоллдун аралдарынын биринде посёлка негиздеп, суматралыктар м-н явалыктарды алып келип отурукташтырган. Алар дыйканчылык м-н алектенишкен. Росс 1831-ж. эки атоллго тең ээлик кылып, аралды үй-бүлөнүн менчиги деп жарыялаган. Аралга 1836-ж. апрелде атактуу табият таануучу Чарльз Дарвин келген. 1857-ж. Улуу Британия тарабынан аннекцияланып, 1878-ж. Цейлондун британиялык губернаторунун бийлигине баш ийдирилген. 1886-ж. Британия колониясы Стрейтс-Сетлментстин курамына киргизилип, мөөнөтсүз пайдалануга Клюнис-Росстун үй-бүлөсүнө кайтарылган. 1955-ж. Австралияга берилген, бирок Клюнис-Росстун тукумдары ээлик кылып келген. Австралия өкмөтү 1978–86-ж. гана Клюнис-Росстордон сатып алган. 1984-ж. 4-апрелде аралдын жашоочулары Австралиянын курамына киргенге макулдугун берип, добуш беришкен. Аралдын экономикасынын негизин кокос өстүрүү ж-а туризм түзөт. Балык кармалат. Калкы негизинен портто эмигектенет. Автомобиль жолунун уз. 22 *км* (анын 16 *км*и асфальтталган). Түш. атоллдун борб. лагунасында деңиз кемелери туруучу якорлуу жай салынган. Сыртка копра, кокос жаңгагы чыгарылат. Сырттан азык-түлүк ж. б. керектүү товарларды алат.

Ад.: Кокосовые Острова // Всё о странах мира, атлас-справочник. М., 2006; Кокосовые (Килинг) Острова// Большая Российская Энциклопедия. Т. 14. М., 2009.

Р. Карачалова.

КОКО ТИКЕН (Cirsium) – өсүмдүктөрдүн татаал гүлдүүлөр тукумундагы уруусу. Сабагынын бийиктиги 50–130 *см*. Жалбырагы жоноко, жээги тикенектүү, майда тиштелүү. Себетче гүлдөрү калемче же шыңырыгыдай топ гүлгө чогулган. Көп жылдык, чаңда эки жылдык өсүмдүк. Анын Түн. жарым шарда 200дөн ашуун, Кырг-нда 13 түрү кездешет. К. т. өтоо чөп катары айдоодо, шалбаада өсөт, айдалган өсүмдүктөрдүн түшүмүн азайтып, сапатын начарлатат. Күрөшүү чарасы: которуштуруп айдоо, эрте тондурмалоо, гербицид чачуу ж. б.



КОКС – отундарды абасыз чөйрөдө жогорку темп-рада ысытуудан (кокстоодон) алынган катуу зат. К-тун көпчүлүгү таш көмүрдөн алынат. Таш көмүр К-у – майдаланган көмүрдү кокс мешинде ысытуудан (900–1050°С) алынган майда тешиктүү катуу отун. Курамы б-ча графитке жакын. Жылуулук бөлүп чыгаруу жөндөмдүүлүгү орт. алганда 7950 *ккал/кг*. Негизинен (80%) металл өндүрүүдө отун ж-а металлдарды калыбына келтиргич катары колдонулат. Жогорку темп-раны пайда кылуу м-н ылдам күйүшү, калыбына келтиргич сапаты анын көндөйчөлөрүнүн көптүгүнө (45–55%), майдаланган бөлүкчөлөрүнүн кесектигине жараша болот. Көндөйчөлөрү канчалык көп, кесегирээк бөлүкчөлөрдөн турса, анын беттешүү аянты

ошончолук жогору болуп, ылдам күйөт ж-а калыбына келтирет. Ал домна мештеринде металлдардын оксиддерин металлдарга айландырууда ж-а чоюн алууда колдонулат (к. *Кокстоо*).

КОКС ГАЗЫ – көмүрдү *кокстоодо* бөлүнүп чыгуучу күйүүчү газ. 1 *т* көмүрдөн 310–340 $м^3$ газ алынат. К. г-нын курамында суутек, метан, көмүр кычкыл газы ж-а газ түрүндөгү углеводороддор, аммиак, күкүрттүү суутек, суу буусу ж. б. болот. Кайра иштетүү м-н мындай газдан таш көмүр чайыры, чайырдуу суу ж-а чийки бензол бөлүнүп, алардан таза хим. заттар алынат. Темпрасы 700°С болгон кокстоочу аппараттан чыгып жаткан газ муздатылганда чайырдын буусу, суунун буусу суюктукка, суюлтулган суунун буусунда аммиак эритмесине айланат. Сууда сиңирилбей калган аммиак күкүрт к-тасына сиңирилип, аммоний сульфатына айландырылат. Газдагы бензолдун ж-а анын гомологдорунун буусу соляр майына сиңирилүү м-н бөлүп алынат. Аммиакты өндүрүүдө суутектин булагы катары ж-а ө. ж. мештерин ысытууда колдонулат. Нефть продуктуларын (*керосин*, лигроин) кокстоодо чексиз углеводороддордон (*этилен, пропилен, бутадиен*) турган газдар пайда болот. Алар полимер материалдарын, орг. заттарды алууда колдонулат. Мазутту кокстоодо *бензин* газ түрүндө бөлүп алынат.

КОКСИ́Т (лат. соха – жамбаш) – жамбаш м-н кашка жилик муунунун сезгениши. Жугуштуу оорулар (*ангина, грипп, туберкулёз, бруцеллёз, келте* ж. б.), ириңдетүүчү инфекция (стафиллоккок, стрептококк ж. б.) анын пайда болушуна себеп болот. Туберкулёз К-и балдарда көбүрөөк жолугат. Мында инфекция көбүнчө өпкөдөн кан аркылуу келип, муунду жабыркатат. 5–10 жаштагы балдар ооруйт. Алгач бала шалдырап, тамакка табити тартпай арыктайт. Эти ысыйт, аксап, тизеси ооруганына даттанат. Уйкудан чочуп ойгонот, аксаганы күчөйт, оорулуу буту кыскарат. Жамбашы жабыркаган жагына көтөрүлүп, алдын карай ийилгенсип калат. Омуртка тутумунун кыйшаюусу байкалат. Айрым учурда муун баштыгына ириң толот. Кашка жиликтин эти качып, ичкерет. Дарылоодо организмди чыңдоочу ж-а туберкулёзго каршы чаралар көрүлөт. Бут гипстеп таңылат. Эгер жилик ириңдеп, сынып же чыгып кетсе, хирург. операция жасалат.

КОКС КӨМҮРҮ – жаратылышта кездешүүчү отундун (таш көмүр, нефть ж. б.) абасыз чөйрөдө, өтө жогорку темп-рада өзгөрүшүнөн пайда болгон катуу зат. Пайда болушуна жараша таш көмүр, пек, нефть коксу деп үч түргө бөлүнөт. Көпчүлүгү таш көмүрдүн өзгөрүшүнөн келип чыгат. Эгерде т а ш к ө м ү р д ү темп-расы 900–1050°Сге жеткен кокстоочу меште ысытса, түрдүү түспөлдөгү, боз түстүү, майда көзөнөкчөлүү катуу зат алынат. Бул К. к. деп аталат. Ал домна мештеринде, чоюн эритүүдө колдонулат. П е к – көмүртекке бай, боз түстөгү жылтырак зат. Электрод өндүрүлөт. Н е ф т к коксу нефтини кайра иштетүүдө алынат.

КОКСТОО – табигый отундарды [illegible]өбүнчө таш көмүрдү абасыз чөйрөдө 900 –1[illegible]°Сге чейин ысытуу м-н кайра иштетүү. К-до[illegible]чма заттар ж-а *кокс* деп аталуучу катуу ка[illegible]ык алынат. К-до 350°Сге чейин ысытууда суу бу[illegible]у, көмүртек оксиди ж-а кош кычкылы, чайыр [illegible]усу бөлүнүп чыгып, көмүр жумшарып, чоюлчак түргө өтөт. 500–550°Сде жумшарган көмүр ажырап, ароматтык нафтен, парафин углеводороддорунан турган чайыр продуктулары (чала кокс) пайда болот. 700°Сден жогору чала кокс толугу м-н кокска айланат. Алынган кокс суу же инерттүү газдар м-н муздатылып, ар түрдүү сортторго бөлүнөт. Кайра иштетилүүчү 1 *т* көмүр аралашмасынан 700–800 *кг* кокс, 20–40 *кг* чайыр, 8–12 *кг* чийки бензол, 280–340 $м^3$ кокс газы ж-а 2–4 $м^3$ аммиак алынат. Нефтини ажыратуудан пайда болгон мазутту, битумду, гудронду К-до (450–500°Сге чейин ысытуудан) бензин ж-а күлү жок нефть коксу алынат. *Г. Батракеева.*

КОКС ХИМИЯСЫ – химиянын табигый отундардан хим. заттарды, металлургияга керек болуучу *коксту* өндүрүү ишин изилдөөчү ж-а иштеп чыгуучу тармагы. Катуу отундарды иштетүүдө К. х-ндагы пиролиз – жогорку темп-рада жүргүзүлүүчү татаал гетерогендүү процесс. Көмүрдү акырындык м-н 1000°Сге чейин ысытканда, анын макромолекуласынын ажырашы аркылуу көмүртек м-н байыган катуу фаза (кокс), углеводороддордун буусу ж-а газы пайда болот. Ал процесс негизинен үч баскычтан турат: көмүр шихтасын даярдоо; кокстоо, газ-буу аралашмасын, коксту бөлүп алуу; газ-буу аралашмасын кайра иштетүү. Акыркы баскыч ирети м-н жүргүзүлүүчү төмөнкү процесстерди камтыйт: а) буу-газ аралашмасын муздатуу м-н конденсатка айлантуу, чайырды ж-а чайырдуу сууну бөлүү; б) аммиакты кармап калуу; в) ароматтык углеводороддорду сиңиртүү ж-а аларды ажыратуу; г) ароматтык углеводороддорду өтө муздатуу м-н фракцияларга бөлүү; д) таза углеводороддорду алуу үчүн чайырды кайра иштетүү. 1 *т* көмүрдөн орт. 700–750 *кг* кокс, 30–35 *кг* чайыр, 120–150 *кг* (300–320 $м^3$) газ, 10–11 *кг* чийки *бензол* алынат. Процесстин жүрүшүнө, заттардын аз же көп алынышына баштапкы чийки заттардын курамы, көмүрдүн майдалануу деңгээли, тыгыздыгы, кокстоонун ылдамдыгы ж-а темп-ра таасир этет. Өндүрүлүп жаткан көмүрдүн 25% ке чейинкиси кокс заттарын өндүрүүгө жумшалат.

КОКТУ, к о л о т – эки кырдын ортосундагы узунунан кеткен ойдуң жер. Негизинен көтөрүңкү жерлерде, адырларда, тоо этектеринде, ири суу өрөөндөрүнүн капталдарында убактылуу аккан суунун тоо тектерди жууп кетишинен пайда болот. Мындай жерлер кокту-колот деп да айтылат.

КОКУЙ ТИКЕ[illegible] (Cousinia) – өсүмдүктөрдүн татаал гүлдүүлөр[illegible]укумундагы көп жылдык, чанда эки жылды[illegible]өп. Сабагы түз, көп бутактуу, жалбырагы ке[illegible]тешип жайгашкан, жээги тегиз же бир, эк[illegible]ч ирет тилкелүү, катуу, тикендүү, чандасы г[illegible] тикенсиз. Жалбырактары негизинен тамыр[illegible]юнчасына топтолгон, сабагында жогорулага[illegible]айын майдараак. Гүлү ар кандай санда, ко[illegible] жыныстуу, ар бир сабактын учунда жалгыздан же калемчедей, шыпыргыдай, калканчадай топ гүлдү түзөт. Гүлү түтүкчөдөй, желекчелери мала же көгүш кызыл, мала көк, сары. Аталыгы 5, энелиги бирөө, мөмөсү – урукча, ак же саргыч үпүлүү. Жер жүзүндө 600 түрү Чыгыш Азияда, Жуңгар, Кашкар, Гималайда таралган, Кырг-нда 80ге жакын түрү өрөөндөн тартып, бийик тоолорго чейин таралган. Айрымдары – шалбаадагы, айдоодогу зыяндуу отоо чөп. Кээ биринде пайдалуу микро- ж-а макроэлементтер, кант ж. б. заттар көп.

КОКУС ОКУЯ – (кокустан болгон окуя) *ыктымалдык теориясында* – белгилүү шарт аткарылганда ишке ашуусу да, же ишке ашпай калуусу да мүмкүн болгон ж-а берилген шарттарда анын ишке ашуусунун ыктымалдыгы p ($0 \le p \le 1$) болуп эсептелет. К. о-нын ыктымалдыгы анын жыштыгы м-н байланышкан: эгерде ал көрсөтүлгөн шарттарда n жолу жүзөгө ашса, ал эми анын туура жолу m болсо, nдин чоң маанилери pга ($p \approx m/n$ жакын болот. Мис., байкоолор көрсөткөндөй төрөлө турган бала эркек же кыз болушун аныктоо ыктымалдыгы 0,515.

Ад.: *Пугачёв В. С.* Теория вероятностей и математическая статистика. М., 1979.

КОКУС ПРОЦЕ́СС, с т о х а с т и к а л ы к п р о ц е с с, ы к т ы м а л д ы к п р о ц е с с, у б а к ы т т ы н к о к у с ф у н к ц и я с ы – окуяга жараша болуп өткөн ж-а өтүү ыктымалдыгы кандай экендиги алдын ала аныкталган процесс (б. а. кээ бир системанын абалынын убакыттын өтүшү м-н өзгөрүшү). К. п-тин типтүү мисалы – *Броун кыймылы*, радиосигналдардын тоскоол учурда тарашы ж. б. К. п-ти кээ бир элементардык окуянын көптүгүндө аныкталган $X(t)$ кокус чоңдугунун түркүмү катары кароого болот, мында t – убакыт. Ушул түркүмдөн алынган ар бир $X(t)$ конкреттүү кокус чоңдугу процесстин t моментиндеги абалы деп аталат. К. п-тин 3 классы өтө маанилүү: көз карандысыз өсүндүлүү кокус процесстер классы; Марков процесстер классы; Гаусс процесстер классы. Орус математиктери А. А. Марков, А. Н. Колмогоров, А. Я. Хинчин, амер. математиктер В. Феллер, Н. Винер, Ж. Дуб ж. б. К. п-тер теориясы б-ча маанилүү натыйжаларга жетишкен.

КОКУС ЧОҢДУК – *ыктымалдык теориясындагы* негизги түшүнүктөрдүн бири; ыктымалдыгы сыноонун кокусунан чыккан натыйжасына жараша ар кандай мааниге ээ чоңдук. Мис., чүкөнүн алчы түшүүсүндөгү упай саны – ар бири 1/6 ыктымалдыктагы К. ч-тун мааниси 1, 2, 3, 4, 5, 6. Ал үзгүлтүктүү ж-а үзгүлтүксүз болуп айырмаланат. Үзгүлтүктүү К. ч-тун маанилери белгилүү бир ыктымалдык м-н кабылданат. Үзгүлтүксүз К. ч. өз ыктымалдык тыгыздыгы м-н мүнөздөлөт. Эгер К. ч. ар кандай маанинин чектүү же чексиз *удаалаштыгына* ээ болсо, анда анын ыктымалдык бөлүштүрүлүүсү (бөлүштүрүү закону) чектүү ж-а чексиз болуп, дискреттүү К. ч. деп аталат. К. ч-тун ыктымалдык бөлүштүрүүсүнүн жалпы касиеттери сандык мүнөздөмө м-н берилет, б. а. *математикалык күтүү* ж-а анын дисперсиясы м-н мүнөздөлөт. К. ч. түшүнүгүн ж-а анын матем. күтүүсүн орус математиги П. Л. Чебышев (1867) биринчи баалаган. Кийин бул теорияны А. Н. *Колмогоров* (1933) өнүктүргөн ж-а жалпылаган. К. ч. матем. анализде, *сандар теориясында* ж. б. тармактарда кеңири пайдаланылат.

Ад.: *Чебышев П. Л.* О средних величинах//Полн. собр. соч. Т. 2. М.; Л., 1947; *Колмогоров А. Н.* Основные понятия в теории вероятностей. М., 1974.

КОКЦИДИО́З, э й м е р и о з – мал ж-а куштун мите (инвазиялуу) ылаңы; кээде киши да ооруйт. Кокцидия митеси козгойт. К. м-н уй, кой, тоок, чочко, куну айбанат ж-а ит, балык, коён ылаңдайт. К. м-н көбүнчө төл жазында, жайында өз алдынча тоюттануура өтүү маалында ылаңдап, өзгөчө бөжөк, жөжө көп чыгашага учурайт. Ылаң К-дун козгогучу м-н булганган жем, чөп, суу, төшөлгө, топурак, шайман аркылуу жугат. Кокцидия боор, бөйрөк, ичегинин эпителий клеткаларында мителейт. Жашыруун мезгили 3 күндөн 2 жумага чейин. Ылаңдаган малдын шайы кетип, жем, чөп жебейт, ичи көөп, арыктайт, булчуңдары тырышып, шал болот. Алдын алуу чаралары: айлана-чөйрөдө мителерди (ооцисттерди) жок кылуу, ылаңдуу малды бөлүп дарылоо, төлдү бөлүп багуу, жайытты улам алмаштырып туруу, вет.-санит. эрежелерди туура сактоо. Дарылоодо статиль, декокс, койден ж. б. пайдалуу.

КО́ЛА ЖАРЫМ АРАЛЫ Россиянын европ. бөлүгүнүн түн.-батышында. Мурма обл-нда. Басымдуу бөлүгү уюлдук тегеректин түн. бөлүгүндө. Баренц ж-а Ак деңиздери м-н чулганат. Аянты 100 миң $км^2$дей. Түн. жээги бийик, жардуу, түштүгү түзөң, жантайыңкы; Терск жээги деп аталат. Батыш бөлүгүндө Хибин тоолору (жарым аралдын эң бийик жери – Юдычвумчор чокусу, бийикт. 1200,6 *м*) ж-а Ловозеро тундрасы (1116 *м*ге чейин), борб. бөлүгүндө Кейвы жалчалары жайгашкан. К. ж. а. тектон. жактан Балтика калканынын түн.-чыгыш четин түзөт. Апатит рудасы (Хибин), глинозём сырьёсу (Кей-

вы), никель (Печенга, Мончетундра) ж. б. кендери бар. Климаты Атлантика жылуу агымынын таасиринен салыштырмалуу жылуу. Январдын орт. темп-расы түндүгүндө −8°С, борб. бөлүгүндө −13°С, июлдуку 8–14°С. Босоголуу дарыялары (Поной, Вазуга, Умба, Нива, Тулома) ж-а көлдөрү (Имандра, Умбозеро, Ловозеро) көп. Түндүгүнө мамык чөп-эңилчектүү тундра, түштүгүнө токойлуу тундра ж-а тайга (негизинен мырза карагай, карагай, кайың) мүнөздүү. Күл ж-а саз, түндүгүндө тундра топурактары басымдуу. Жарым аралдын аймагында Кандалакша ж-а Лапландия коруктары жайгашкан.

КОЛБАСА́ – негизинен эттен даярдалуучу азык. Бышырылган, чала ысталып сүрсүтүлгөн, ич эттен жасалган К. ж-а зельц болуп айырмаланат. К. даярдоодогу негизги сырьё – уй, чочко, кой, жылкы, куш эти, о. эле ич эт (боор, жүрөк, бөйрөк, өпкө, карын), тил, мээ, кан ж. б. да пайдаланылат. К-дагы белокту көбөйтүү үчүн азыктык кан плазмасы, ынак ж-а *көк сут*, сүт белогу, жумуртка кошулат. Даамын жакшыртууда кант, татымал заттар (калемпир, мурч, сарымсак, бадам, мускат жаңгагы ж. б.), эттин кызыл өңүн сактоо максатында натрий нитрити кошулат. Белгилүү формага келтирип, сыртқы таасирден сактоо үчүн сыртынан ичеги же жасалма полимер плёнка м-н капталат. К. жасоодо эт сөөгүнөн ажыратылып, тарамыш, берчтери алынат. Уй, кой этинен майы ажыратылып, тоңбос чочко майы кошумчаланат. К. бышырылган, чала ысталган, ысталган, ысталып бышырылган ж. б. болуп айырмаланат. Бышырылган, чала ысталып сүрсүтүлгөн К. үчүн эт майдалагычтан өткөрүлүп, туз, натрий нитрити, кант кошулуп аралаштырылып, 3–5°С де 2–3 күн кармалат. Ысталган К. жасоодо кесек эт 5–7 күн туздалат. Рецептурага ылайык эт майда тууралып (фарш), ичегиге салынат да, ныкталыш үчүн 2–3 *с* (бышырылган К.) же 4–6 *с* (чала сүрсүтүлгөн К.) илинип коюлат. К. 70–90°С темп-рада түтүн газында ысталып, камерада же казанда К-нын ички темп-расы 68°С болгончо бышырылат да, 10–12°Сге чейин муздатылат. Чала ысталган К. бышыргандан, чийки ысталуучу К. ныкталгандан кийин ысталгыч камерада илинип, ысык (32–43°Сде 1–2 күн) же муздак (18–23°Сде 4–5 күн) ысталат. Азыр К-ным 200дөн ашык түрү даярдалат.

КОЛБООР – бүркүт кармоочу тор. Ал *кереге* сымал, үстү туюк, кээде ачык да болот. К. кыргызда *алгыр куштарды* кармоо үчүн түйүлгөн торлордун *байлооч* тор деген түрүнө кирет. Байлооч тор бүркүт келип түшкүдөй үстү туюк, кээде ачык жайылып, бир нече ичке, узун таякчаларга туш тарабы бүт керилип бекитилет. Тор көлөмү чоң, жиби жоон, көздөрү укум болуп түйүлөт. Айланасы 15–18 *м*, бийикт. 3–4 *м* болуп, туташ же 3–4 болүктөн турат. К. бүркүт учуп өтө турган мерчемдүү, бийик, кайкаң келген көрүнөө жерге жайылат. Саятчы оочада күтүп жатпай, күн алыс келип тосшерип, байлоочко жем, суу таштап кетип турат. К-дун ичиндеги байлоочко бүркүт тийгенде тордун ичине же сыртына чалынып, чатышып оролуп калат. Байлоочту карышкыр, илбирс ж. б. жыртқычтар жеп кетпесин үчүн К-дун үстү тек жагын чоң-чоң таштар м-н бастырып коет. К. учурда сейрек колдонулат.

КОЛВЕ́ЗИ – Конго Демокр. Респ-нын түштүгүндөгү шаар. Катанга провинциясында. Калкы 1,0 млн (2009). К. аркылуу Трансафрика т. ж. өтөт. Ал аркылуу Лобиту (Ангола) ж-а Бейра (Мозамбик) порттору м-н байланышат. Шаар Жездүү кырчоонун батыш рудниктер тобунун борборунун штаб-квартирасы катары 1937-ж. негизделген. 1978-ж. Конгону бошоткон улуттук фронт тарабынан убактылуу басылып алынган. Түстүү металлургия (кадмий, кобальт, цинк, германий), хим. (лак-боёк), тамак-аш ө. ж., К-ге жакын (Луилу) жез ж-а кобальт эритүүчү ишканалары иштейт. К-ге жакын Луалаба д-нда плотина ж-а ГЭС курулган.

КОЛГО ҮЙРӨТҮҮ, д о м е с т и к а ц и я (лат. domesticus – үйдүн, үйдүкү) – адамдын чарбалык муктаждыгын канааттандыруу максатында жапайы жаныбарларды бакмалаштыруу. К. ү. 10–15 миң жылдай илгери, мезолит, неолит доорунда башталып, *мал чарбасынын* пайда болушуна себеп болгон. К. ү-нүн башталуу мезгилин тактоо мүмкүн эмес, себеби алгачкы колго үйрөтүлгөн жаныбарлардын казылып алынган скелеттеринде анчалык өзгөрүү болгон эмес. Кеч палеолит доорунун гана жаныбарларынын сөөктөрүнүн түзүлүшүндө өзгөрүүлөр пайда боло баштаганы белгилүү. Жаныбарлардын көптөгөн түрлөрүнүн бир аз бөлүгү гана колго үйрөтүлгөн. Омурткалуу жаныбарлардын сүт эмүүчүлөр классынан бодо мал (зебу, топоз, бантенг, жаныш, уй ж. б.), түн. бугусу, төө, жылкы, эшек, кой, чочко, ит, мышык, коён ж. б.; куштардан тоок, өрдөк, каз, когучкон ж. б.; балыктар классынан каңылтыр, алтын сары таман балык ж. б. бакмалаштырылган. Омурткасыздардан муунак буттуулар тибиндеги курткумурскалар классына кирген бал аарысы м-н тыт ж-а эмен жибек көпөлөктөрү колдо багылат. Ошентип, койдун түпкү теги Борб. Азиядагы жапайы койлор, эчкиники безоар эчкиси, уйдуку тур, жылкыныкы турпан ж-а пржевальский жылкысы, тооктуку жапайы банкив тоогу болуп эсептелет. К. ү-нүн а.ч-нда мааниси чоң.

КОЛГУ́ЕВ – Баренц деңизинин түш.-чыгышындагы арал. Материктен 75 *км* аралыкта. Россиянын Архангел обл-нда (Ненец АОсунда). Материктен 80 *км* аралыкта. Аянты 5,2 миң *км*². Жеринин бетинде 70–80 *м* бийиктеги морена добөлөрү көтөрүлүп жатат, эң бийик жери 166 *м*,

түш. бөлүгү түзөң. Кол ж-а саз көп. Жээктери тегиз, түн.-батышы бийик ж-а тик. Климаты континенттик, деңиздик мүнөздө. Эң суук айынын (март) орт. темп-расы −14°С, эң жылуу айыныкы (август) 9°С, жылдык жаан-чачыны 350 *мм*. Мамык чөп-эңилчектүү тундра өсүмдүктөрү басымдуу; түштүгүнө бадалдуу тундра мүнөздүү. Ө. эмүүчүлөрдөн ак түлкү, түлкү кезигет. Жа[illegible]да келгин куштар уялайт. Нефть өндүрүлөт. Ба[illegible]у багуу, балык ж-а ан уулоо өнүккөн. К-де [illegible]рино, Северный кыш. жайгашкан. Аралдын [illegible] 16–17-к-дагы карталарда кездешет.

КОЛДОН [illegible]РУКТАНДЫРУУ, ж а с а л м а к у у т – [illegible]руктандыруу үчүн жаныбарлардын жыныс кл[illegible]аларын жасалма жолдоо ыкмасы. Уруктануучу организмден сыртқары өтүүчү балыктардын икрасы эркегинин уругу м-н аралаштырылып, атайын инкубатордо өстүрүлөт. Уруктануусу организмдин өзүндө жүрүүчү сүт эмүүчүлөр м-н куштарда урук (эякулят) атайын аспаптар м-н ургаачысынын жыныс органдарына жиберилет. К. у. мал чарбасында кеңири колдонулат. Бул ыкма аркылуу тукумунун сапаты текшерилген баалуу тукумдук малды көбүрөөк пайдалануу болот (буканын бир жолку уругу м-н 200 ж-а андан көп уй уруктандырылат); малдын тукумдук ж-а продукттуулук сапаты жакшырат; жугуштуу ылаңдар (вибриоз, трихомоноз ж. б.) ж-а кысыр калуу азаят. Алгач С. Якоби (1765, Германия) К. у. ыкмасын сунуш кылган. К. у-нун теор. негизин ж-а ишке ашыруу принциптерин сов. биолог И. И. Иванов иштеп чыккан. К. у. 5 процессти камтыйт: тукумдук малдын уругун алуу, анын сапатын баалоо, сууолтуу, сактоо ж-а ургаачы малдын жыныс органдарына салуу. Малдын физиол. өзгөчөлүктөрүнө жараша урук жыныс органына, жатынга, жатын оозундагы каналга, урук жылуучу түтүккө салынат.

КОЛЕ́СНИКОВ Пётр Федосеевич (1922, Ысык-Көл обл., Ысык-Көл р-ну, Семёновка кыш. – 28. 1. 1945, Польша, Лович ш.) – улук лейтенант, Сов. Союз. Баатыры (1945, өлгөндөн кийин). 1942-жылдан Сов. Армияда. Улуу Ата Мекендик согушта батареянын командири. К-дун батареясы 1945-ж. январда Польшадагы Пилица суусунан өтүп, душмандын плацдармын басып алып, фашисттердин 2 танкасын, 5 бронетранспортёрун, 2 замбирегин ж-а 2 автомашинасын кыйраткан. К. ошол кармашта 2 жолу катуу жарадар болуп, 1945-ж. 28-январда госпиталда каза тапкан. 2 Кызыл Жылдыз ж-а 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери м-н сыйланган.



КОЛЕСНИЧЕ́НКО Мария Павловна (1928-ж. т., Одесса обл., Овидиополь р-ну, Овидиополь кыш.) – кенеп өстүрүүчү, Соц. Эмг. Баатыры (1950). Кыргыз ССРинин Сокулук р-нундагы «Төмөнкү-Чүй» совхозунда кенеп өстүрүүчү звенонун башчысы болуп иштеген. 1949-ж. анын звеносу 19 *га* кенептин



ар гектарынан 121,3 цден түшүм жыйнап алган. Ленин ордени м-н сыйланган.

КОЛ ЖАЗМА – 1) кол м-н жазылган чыгарма же документ. Байыркы К. ж-лардын дарек катары маанисин чоң. Аларды *палеография* илими изилдейт; 2) кенири маанисинде, кол м-н же компьютерде жазылган текст; 3) басма ишинде, автор басмага өткөргөн текст. Чыгарманын автордук К. ж-сы – б. а. *автограф*.

КОЛИБАКТЕРИО́З, а к ы ч к а к – жаш төлдүн жугуштуу ылаңы. Ылаңды ичеги таякчасынын түрдүү штаммдары козгойт. К-го негизинен 5–7 күндүк төл чалдыгат, алардын ичегикарыны сезгенип, айрым учурда ичеги таякчасы бүт денеге жайылат. Дене темп-расы ылаңдын башталышында 40–41°Сге чейин көтөрүлөт, чычкактайт. Алдын алуу үчүн жаңы төлгө иммундоо жүргүзүлөт, мал короону таза кармоо керек.

КОЛИЗЕ́Й, К о л о с с е й (лат. colosseus – зор) – Римдеги Флавийлер амфитеатры; Байыркы Рим арх-расынын эстелиги (б. з. 75–80-ж.). К. уз. 190 *м*, туурасы 156 *м* эллипс түрүндөгү аренадан



Колизей (Флавийлер амфитеатры). Рим. 75–80.

ж-а 4 ярустуу 50 миңче орундан турат. Гладиаторлордун салгылашы ж-а оюн-зооктор үчүн ылайыкталып курулган. Туфтан салынган, галереялардын констр-лары бетон ж-а бышкан кыш м-н бекемделген. Заңкайган фасадында 3 ярустуу аркадалар тургузулган.

КОЛ КЕСЕР – мал сойгон адамга берилген эт. Кой сойгон киши көбүнчө моюнун, моюн эти м-н эки боконосун К. к-ге алган.

КОЛИ́Т – жоон ичегинин сезгениши. Ичеги-карын жолунун көп кезигүүчү оорусу. К-тин пайда болушуна инфекция, тамактануунун бузулушу, ууланууу себеп болушу мүмкүн. О. эле уремиялык ууланууда, карын м-н ичке ичегиде тамак сиңирүү начарлаганда (*гастрит, панкреатит, гастроэнтерит*), кээ бир антибиотикти, ич алдырма дарыны өз алдынча узакка колдонгондо болот. К-тин себебине ж-а оордугуна жараша жоон ичегинин үстүнкү бети сезгенүүдөн некроздуу жарага чейин жабыркайт. К. катуу кармаган ж-а өнөкөт болуп айырмаланат. Ичеги инфекциядан же ууланууудан жабыркаганда катуу кармаган К. пайда болот (к. *Дизентерия, Уланууу*). Анда оорулуунун алы кетип, тамакка табити тартпай, ичи толгоп ооруп, ичи өтөт. Эгерде К. инфекциядан болсо, дене ысыйт. Катуу кармаган К-ти туура эмес же чала дарылаганда өнөкөт түргө өтүп кетиши мүмкүн. Өнөкөт К. кээде инфекциясыз эле пайда болот. Ага туура эмес тамактануу, чала чайноо, спирт ичимдиктерин көп ичүү себеп болот. Мында ичегинин кыймылы (перистальтикасы) начарлайт, ичеги зили ж-а былжыры начар болүнөт, жоон ичегиден суюктукту соруу процесси өзгөрүлөт. К-тин белгилери оордугуна, жайылышына ж-а стадиясына жараша ар түрдүү болот. Ал кармаган учурда тамакка табити тартпай, жүрөгү айланып, алы кетет. Заңдаарда же андан кийин ич ооруйт. Күнүнө 3–4 жолу ич өтүп, кайра катып, көөп, курулдашы мүмкүн, ириң же кан аралаш заңдайт. К-тин өнөкөт түрү бирде жакшы болуп, кайра кармап турат. Жоон ичегини дүүлүктүрүүчү ж-а аллергиялык реакция чакыруучу тамак-аш ичүү, өтө чарчоо, тамак сиңирүүчү башка органдардын ишинин бузулушу К-ти күчөтөт. К-ти алдын алууда катуу кармаган ичеги ооруларын өз убагында туура дарылоо, тамактануу тартибин сактоо өтө маанилүү.

КОЛ КҮРӨШ, армреслинг – жигиттердин күч сынашкан оюну. Эки жигит ортосуна такта коюп, мандай-тескей экөө бирдей сынар тизелеп олтурушат да, оң колдорун бармакташа бекем кармашып, ар кимиси атаандашынын колун чалкалата кыйшайтып барып жыгууга аракеттенет. Сол колдору м-н сол жаккы жоон сандарын таянышат. Оюнчулар тең тайлаш болуп калса, сол колдорун күроштүрөт. Оюнду тартип б-ча алып баруу үчүн калыс киши дайындалат. Бул оюн айрым жерлерде билек сынамай деп да айтылат. АКШ ж-а Европа өлкөлөрүндө К. к-түн онүккон түрү «армреслинг» деп аталып, спорттун түрүнө кирет.

КОЛЛАБОРАЦИОНИ́ЗМ (фр. collaboration – кызматташтык) – куралдуу конфликт же согуштун жүрүшүндө өзүнүн мекенине зыян келтирген каршылаштары м-н оккупацияланган мамлекеттин жарандарынын ыктыярдуу кызматташуусу. Көптөгөн мамлекеттерде К. аскер кылмышы катары каралат. К. түшүнүгү 19-к-дын башталышында Наполеон согушу мезгилинде пайда болуп, 2-дүйнөлүк согуштун жылдарында кеңири колдонулган. Ал: 2-дүйнөлүк согуштун жүрүшүндө Франция оккупацияланган мезгилде германиялык бийлик м-н фр. жарандардын кызматташуусу түшүнүлөт. Кийинчерээк К. германдыктар же германдуктар оккупациялаган европ. ж-а азиялык мамлекеттерде (Бельгия, Нидерланд, Норвегия, Кытай ж. б.) да пайдаланылган. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында СССРде К. «оккупанттар менен кызматташуу» термини м-н мүнөздөлөт. К. катары идеялык жактан совет бийлигине каршы тургандар, сов. респ-ларда улутчул багытты колдогондор, дезертирлер, колго түшкөндөр ж. б. эсептелген. Чет өлкөлүк тарыхчылардын баасы б-ча Улуу Ата Мекендик согушта 1,5 млнго жакын сов. жаран германиялык бийлик м-н кызматташкан. 2-дүйнөлүк согуштан кийин көптөгөн мамлекеттерде коллаборационисттер ар кандай репрессияларга кабылып, корүнүктүү өкүлдөрү (Францияда П. Лаваль, Норвегияда В. Квислинг, СССРде А. А. Власов ж. б.) өлүм жазасына тартылган.

Ад.: *Семиряга М. И.* Коллаборационизм. Природа, типология и проявление в годы Второй мировой войны. М., 2000; Война и общество, 1941–45: В 2-х кн. / Под ред. Г. Н. Севостьянова. М., 2004.

КОЛЛАГЕ́Н ООРУЛАРЫ – туташтырма ткань (коллаген талчалары) ж-а кан тамырларды жабыркатуучу оорулар тобу. Аларга *ревматизм*, ревматоартрит, *кызыл волчанка, склеродермия*, дерматомиозит ж. б. кирет. Оорунун күчөшү, калтыратма, организмдин көп системаларын (муундар, тери, өпкө, жүрөк, бөйрөк ж-а нерв системасы) жабыркатуу бардык К. о-на мүнөздүү. Оору катуу башталат, кийинчерээк басандап, өнөкөткө өтөт, кайталап кармап, акырындап күчөй берет. Ар бир оорунун өтүшүнүн өзүнчө өзгөчөлүктөрү болот. К. о-нын пайда болуу себептери ар түрдүү. Суукка урунуу, инфекция ж. б. ооруну күчөтөт. Анын оордугу ички органдардын ж-а борб. нерв системасынын жабыркашына байланыштуу. Көпчүлүк К. о-н дарылоодо кортикостероид гормондору колдонулат.

Ад.: *Сигидин Я. А., Гусева Н. Г., Иванова М. М.* Диффузные болезни соединительной ткани. 2-е изд. М., 2004.

КОЛЛА́Ж (фр. collage, сөзмө-сөз – жабыштыруу) – иск-водогу тех. ыкма, кандайдыр бир материалга андан оңу ж-а фактурасы б-ча айырмалануучу материалды жабыштыруу; бул ыкма м-н жасалган чыгарма да К. деп аталат. К. негизинен графикада чыгарманын фактурасынын көркомдүгүн күчөтүү, ар түркүн материалдарды күтүүсүз айкалыштыруу максатында колдонулат. К-ды кубизм, футуризм ж-а дадаизм



К. Швиттрс. «Кызыл үч бурчтук». 1926. Шпренгель музейи, Ганновер.

өкүлдөрү жаңылма эксперимент катары киргизген.

КОЛЛА́ПС (лат. collapsus – жыгылган) – артерия ж-а венада кан басымынын төмөндөшү, зат алмашуунун бузулушу м-н мүнөздөлгөн өмүргө коркунучтуу абал. Инфекциядан, ууланууудан, канды көп жоготуудан, кан тамыр жабыркаганда, катуу кармаган миокарддын инфаркты ж. б. патол. абалдарда пайда болот. К-та жүрөккө кан аз келип, тиричилик үчүн маанилүү органдарды кан м-н камсыздоо начарлап, *гипоксия* пайда болот. Оорулуунун өңү кубарып, муздак тер басат, колу-буту муздайт, көзү чүңүрөйүп, жаагы шимирилет. Артерия басымы кескин төмөндөп, тамыры солгун согот, энтигип тез-тез дем алат. Дене темп-расы 35°Сна чейин томондойт, көзү карангылап, кээде эстен танат. Оор К. өлүмгө алып келиши мүмкүн. Дарылоо ооруканада жүргүзүлүп, кан тамыр ж-а дем алуу борборун козгоочу, кан тамырды тарытуучу дарыларды шашылыш түрдө берүү, кан ж-а кан ордуна куюлуучу суюктуктарды куюу керек.

КОЛЛЕ́Ж – жогорку же орто окуу жайы. ЖКОЖ деңгээлиндеги К-дер өз алдынча же ун-ттердин карамагында болот. Англияда айрым орто мектептер, ил. мекемелер К. деп аталат. Кырг-ида К-дин саны көбөйүүдө.

КОЛЛЕКТИВДЕШТИРҮҮ – 1920–30-жылдары колхоздоштуруу жолу м-н СССРдин а. ч-сындагы өндүрүш процессин кеңейтүү ж-а мамлекеттештирүү. Мамлекет м-н партия жеке менчик дыйкан чарбасын толук көзөмөлгө алыш үчүн К. процессин баштаган. К-нүн башталышына дан даярдоо кризиси себеп болгон. 1925-ж-дан түшүмүнүн молдугуна карабастан, дыйкандар ар кандай себептер м-н мамлекетке данды аз санда өткөзүп, өз пайдасына жумшагандыктан, дан экспорту төмөндөп, шаарларга дан жетпей калган. А. ч-дан түшкөн кирешелер о. ж-ды өнүктүрүүгө жумшалмак, натыйжада соц. индустриялаштыруу саясатына да коркунуч туулган. 1927-ж. ВКП(б)нин 15-съездинде айыл-кыштактарда К-нү ишке ашыруу жарыяланган. 1929-ж. массалык түрдө К. башталган. Колхоздун эң жакшы формасы катары а. ч. артелдери белгиленген. 1929-ж. колхоздордун материалдык-тех. базасын бекемдеш үчүн атайын машина-трактордук станцияларды (МТС) түзүү башталган. К. кулакка тартуу саясаты (оокаттуу дыйкандардын ж-а К-гө каршылык көрсөткөн дыйкандардын мүлкүн тартып алып, аларды түрмөгө камап, башка жакка кочүрүшкөн же атып өлтүрүшкөн) м-н коштолгон. Жалпысынан 5–6 млн киши кулакка тартылып, а. и. 2140 миң киши 1930–38-ж. департацияланган. К-нүн зомбулук м-н жүргүзүлүшү, кулакка тартуу, базарларды жаптыруу ж-а атеисттик саясат ж. б. дыйкандардын нааразычылыктарына алып келген. Малды массалык түрдө союп жок кылуу башталган. 1931-ж. 4 млн киши айылкыштактарды таштап, шаарларга кетип калган. К. Москва ж-а Батыш обл-тарында, Татар АССРинде, Нижегород крайында эң жогорку темпте жүргүзүлгөн. К-нүн репрессиялык-конфискациялык чаралары кыштактардын өндүрүштүк потенциалын бузуп жиберген. 1932-ж. а. ч. өндүрүшүнүн келому 1928-жылга салыштырмалуу 1,5 эсеге, мал чарбачылык 53% кыскарган. 1932–33-ж. Украина, Волга бою, Ставрополь ж. б. р-ндордо ачкачылыктан 5 млн адам өлгөн. К. негизинен 1937-ж. аяктаган. 1930–37-ж. жалпы К-нүн ж-а кулакка тартуунун жүрүшүндө дыйкан чарбаларынын саны 25,6 млндон 19,9 млнго чейин кыскарып, а. и. 18,5 млн (93,9%) 243,7 миңи колхозго бириктирилген. К-нүн натыйжасында мамлекет колхоздордон түшкөн кирешелерди өз пайдасына жумшоого мүмкүнчүлүк алган. 1935–37-ж. а. ч. өндүрүшү калыбына келе баштаган.

Ад.: *Ивницкий Н. А.* Коллективизация и раскулачивание (начало 30-х гг.). М., 1996; *Зеленин И. Е.* Сталинская «революция сверху» после «великого перелома». М., 2006. *К. Алымкулов.*

КОЛЛЕКТИВДҮҮ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК – бир нече автордун биригип, бир чыгарма жазууга катышуусу. Корком ад-тта эки түрдө кезигет: 1) элдик оозеки чыгармалар (эпос, ыр, анекдот, жомок, кошок, арман, макал-лакаптар ж. б.) түпкүлүгүндө бир киши тарабынан жаратылган болсо да, улам кийинки урпактар алымча-кошумча киргизип отуруп, ал коллективдик жалпы белгилерди камтып калган. Мис., уламышта Манас каза болгондо чоросу Ырчы уулдун анын баатырдык иштерин кошуп ырдаганы «Манас» эпосунун уюткусун түзгөн делет. Мындай чыгармалардын жеке авторун табуу мүмкүн эмес, ошондуктан булар К. ч. м-н жаралган элдик мурастар; 2) кээде жазма ад-тта да бир топ автор биригип, бир чыгарманы иштеши мүмкүн. Мис., «Семетей» эпосунун мотивинде акындар Ж. *Турусбеков*, Ж. *Боконбаев*, К. *Маликов* «Айчүрөк» операсынын либреттосун жазышкан.

КОЛЛЕ́КТОР ТООСУ – Алай кырка тоосунун түн. тармагы. Кадамжай р-нунда. Шаймерден

ж-а Сүрмө-Таш сууларынын (Исфайрам-Сайдын сол куймасы) аралыгында жайгашкан. Батыштан түш.-чыгыш ж-а түндүккө карай жапыздап, 55 *км*ге созулат. Туурасы 13–15 *км*. Орт. бийикт. 4400 *м*, эң бийик жери 5259 *м* (*Талкуш чокусу*). Кыры аска-зоокалуу; ири мөңгүлөрү (Егоров, Дугова ж. б.) бар; капталдары өтө тик, терең ж-а тар капчыгайлуу. Бийик батыш бөлүгү пермдин сиенит-диорит, диорит ж-а гранит-диорит, ортонку бөлүгү девондун доломит, доломиттүү акиташ теги, жапыз түн. чыгышы карбондун конгломерат, гравелит, кумдук, аргиллит тектеринен түзүлгөн. Тоого негизинен талаа (1800–1900 *м* бийикке чейин), шалбаалуу талаа ж-а шалбаалуу токой (арча м-н бадалдар; 1900–2900 *м*), субальп ж-а альп шалбаасы, шалбаалуу талаа ж-а сейрек бетегелүү талаа (2900–3300 *м*), түбөлүк кар мөңгүлүү гляциалдык-нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү.

КОЛЛИ́ЗИЯ (лат. collisio – кагылыш) – 1) к ө р к ө м а д-т т а көз караштары, кызыкчылыктары ар түрдүү адамдардын, социалдык топтордун ортосундагы кагылыштардын, күрөштүн сүрөттөлүшү. Бул терминди илимге Г. *Гегель* киргизген. Көп учурда көркөм чыгармада «конфликт» түшүнүгүнүн синоними катары колдонулуп, социалдык мүнөздө болот (к. *Конфликт*); 2) г е о л о г и я д а – эки же бир нече күчтүн бири-бири м-н кагылышуусу. Көбүнчө жер кыртышындагы литосфералык плиталарда байкалат. Тектон. кыймылдарда жүрөт.

КОЛЛИМА́ТОР [лат. collimo (collineo) – түз сызык б-ча багыттайм] – нурдун (электр-магнит нурлануусу) же бөлүкчөлөрдүн (атом, электрон, элементардык бөлүкчөлөр) ичке параллель топ агымын пайда кылуучу түзүлүш. К. фокалдык тегиздигинде жарыктандырылуучу нерсе жайгашкан объектив же томпок күзгүдөн турат. Объектив ж-а нерсе ичи карартылган түтүккө бекитилген. К-дон чыккан нурлардын жарыштыгы болжолдуу болот. Анткени нерсенин бир чекитинен чыккан нурлар объективдин аберрациясынын ж-а дифракциясынын натыйжасында өз ара өтө так параллель болушу мүмкүн эмес. Нерсеге таасир этүүчү фокустук аралык ж-а объективдин аберрациясын оңдоо сапаты, о. эле нерсенин формасы ж-а өлчөмү К-дун арналышына ж-а аны пайдалануу шартына жараша тандалат. К. астрономияда, спектр аспаптарында, ар кандай өлчөөчү, сыноочу оптика-мех. куралдарда колдонулат.

КОЛЛИНЕАРДУУ ВЕКТОРЛОР (лат. com – бирге ж-а linea – сызык) – бир түз сызыкка жарыш же бир түз сызыкта жаткан векторлор. Нөл вектор (к. *Вектор*) каалаган векторго коллинеардуу деп эсептелет. К. в. бирдей багытка, о. эле карама-каршы да багытталышы мүмкүн. Эгер $\bar{a}$ ж-а $\bar{b}$ эки вектору бир жакка багытталса, анда алар бир багыттуу деп аталып, $\bar{a} \uparrow\uparrow \bar{b}$ түрүндө, ал эми карама-каршы [illegible]урунда алар $\bar{a} \uparrow\downarrow \bar{b}$ деп жазылат. К. в. $\bar{a} = \lambda\bar{b}$ ([illegible] $\neq 0$) эки вектордун коллинеардуу болуу шар[illegible] аныктайт, б. а. сызыктуу көз каранды болу[illegible]г. Эки вектордун вектордук көбөйтүндүсүн[illegible]өлгө барабардыгы алардын коллинеардуул[illegible]нун зарыл ж-а жетиштүү шартын мүнөздөйт[illegible]ейкиндикте $\bar{a}(x_1, y_1, z_1)$ ж-а $\bar{b}(x_2, y_2, z_2)$ вект[illegible]ору коллинеардуу болсо, анда алар сызыктуу көз карандылыкта болуп, алардын координаталары пропорциялаш келет: $\frac{x_1}{x_2} = \frac{y_1}{y_2} = \frac{z_1}{z_2}$.

КОЛЛО́ИД СИСТЕМАЛАРЫ – ири дисперсиялык системалар м-н чыныгы эритмелердин ортосундагы дисперсиялык системалар. Алар дисперсиялык фазасынын өлчөмү 10^{-6}–10^{-7} *см*, ал эми дисперсиялык чөйрөсү 10^{-7}–10^{-8} *см* турган гетерогендүү системалар. Газда ж-а суюктукта алар тынымсыз эркин кыймылда болуп, дисперсиялык чөйрөгө текши таралат. Мындай эркин дисперсиялуу К. с. (түтүн, золдор) туруктуу келишет да, седиментацияланбайт, б. а. чөкмө пайда кылбайт. К. с-ндагы дисперсиялык фазанын бөлүкчөлөрү дисперсиялык чөйрөнүн молекулалары м-н жакшы аракеттенсе, лиофилдүү коллоиддер пайда болот. Алардын фазалар аралык беттик тартылуу кубаты өтө аз. Лиофилдүү коллоиддер катуу заттын ири бөлүкчөлөрүнүн же суюктуктун тамчысы эң майда коллоиддик бөлүкчөлөргө же мицеллаларга майдаланышынан пайда болот. К. с-нын бөлүкчөлөрү дисперсиялык чөйрө м-н өз ара начар аракеттенсе, лиофобдуу коллоиддер пайда болот. Буларда фазалар аралык тартылуу күчү көп. Ошондуктан коллоиддик бөлүкчөлөр ириленип, эркин беттик кубатты азайтат. Ал лиофобдуу коллоиддердин бузулушуна алып келет. Лиофобдуу коллоиддердин туруктуулугун сактоо үчүн стабилизатор (бөлүкчөлөрдүн биригип жабышуусун токтотуучу заттар) колдонулат. К. с-на силикат желимине окшош заттар, *суспензиялар*, чаң, түтүн, көбүктөр, эмульсиялар, туман, металлдардын гидро- ж-а органозолдору ж. б. кирет.

КОЛЛО́ИД ХИМИЯСЫ – физ. химиянын гетерогендүү *дисперсиялык системалардын*, коллоиддик эритмелердин ж-а ири молекулалык массалуу бирикмелердин физ.-хим. касиеттерин беттик кубулуштун негизинде үйрөтүүчү бөлүгү. «Коллоид» – крахмал, желимге окшош дегенди билдирет. К. х-нын негизги объектилерине: ири дисперсиялык системалар – суспенсия, эмульсия, күкүмдөр, микрогетерогендүү дисперсиялык системалар – *аэрозолдор*, көбүктөр, жогорку дисперсиялык системалар – коллоиддик эритмелер ж-а ири молекулалуу бирикмелер – *полимерлер*, белок заттары, нуклеин к-талары ж. б. кирет. К. х. коллоиддик абалдагы заттардын физ.-хим. касиеттерин, дисперсиялык даражасын, бөлүкчөлөрдүн түзүлүшүн изилдейт. Диализ, ультра чыпкалоо, электр осмос, ультрамикроскопия, электрондук микроскопия, нефелометрия ж. б. ыкмалардын өркүндөшү К. х-нын өзгөчө объектилерди изилдешине мүмкүндүк берди. Азыркы [illegible] х. молекула-кинетикалык кубулуштарды (б[illegible]ун кыймылы, диффузия), беттик кубулуштар[illegible] (*адсорбция, адгезия*), дисперсиялык фазаны[illegible]айда болушун, коллоиддик бөлүкчөнүн тү[illegible]шүн, дисперсиялык системанын физ.-хим. м[illegible]никасын ж. б. изилдейт. Коллоиддик абал [illegible]атылышта кеңири таралган. Ал өсүмдүк м-н [illegible]аныбар организми, гидросфера, атмосфера ж. б. көп түрдүү ири дисперсиялык ж-а коллоид дисперсиялык системалардын татаал жыйындысынан турат. Курулуш материалдарынын, силикаттардын, пластмасса, резина, тоо кендерин бургулоо ж. б. тех. процесстердин ил. негиздерин иштеп чыгууда К. х-нын мааниси чоң.

Ад.: *Т. Т. Кудайбергенов, У. А. Асанов.* Физколлоидная химия. Б. 2004; Щукин Е. Д., Перцов А. В., Амелина Е. А. Коллоидная химия. 5-е изд. М., 2007.

З. Р. Мусабекова.

КОЛЛЮ́ВИЙ (лат. colluvio – жыйылуу, чогулуу, топтолуу) – тоо капталдарына, этектерине жыйылып калган кесек талкаланган тектер. Тоо тектердин талкаланышынан пайда болот. Оордук күчүнүн таасири астында каптал ылдый кулап, тартипсиз орун алат (мис., шагылдар). Талкаланган бөлүкчөлөр миздүү, кырдуу, урчуктуу келет. Чоңдугу ар кандай. Делювийден арасында өтө майда талкаланган тектердин (кум, чопо) жоктугу м-н айырмаланат. Курулуш материалы болуп саналат.

КОЛМОГО́РОВ Андрей Николаевич [12 (25). 4. 1903, Тамбов – 20. 10. 1987, Москва] – орус математиги, СССР ИАнын академиги (1939), Соц. Эмг. Баатыры (1963). Москва ун-тин бүтүргөн (1925). Ил. эмгегин чыныгы өзгөрмөлүү функциялар теориясынан баштаган. К. өлчөөлөр ж-а тригонометриялык катарлар, көптүктөр, интегралдар, функцияны жакындатуу теориялары б-ча маанилүү эмгектер жазган. К. матем. ыкмалардын биология м-н тил илиминде колдонулушун изилдеген, о. эле ыктымалдык теориясы м-н функциялар теориясын изилдөөчүлөр мектебин түзгөн. Ал Париж ИАнын, Лондон королдук коомунун ж. б. чет элдик академиялардын (Нидерланд, Польша, Румыния, АКШ), ил. мекемелер м-н коомдордун чет элдик мүчөсү. Эл аралык Больцано (1963), СССР мамл. (1941) ж-а Лениндик сыйл. (1965) лауреаты. 7 Ленин ордени м-н сыйланган.



Ад.: А. Н. Колмогоров в воспоминаниях учеников. М., 2006.

КО́ЛОВ Олег Викторович [1936-ж. т., Талас обл., Киров (азыркы Кара-Буура) р-ну, Дмитриевка айылы] – биология илимд. доктору (1985), проф. (2002). КМУну (1964), Кыргыз ССР ИАнын Биология ж-а физиология ин-тунун аспирантурасын (1967) бүтүргөн. 1967–2000-ж. ошол эле ин-тта кенже, улук ил. кызматкер, токой бөлүмүндө лабор. башчысы, КР УИАнын Токой ж-а жаңгакчылык ин-тунун лабор. башчысы (2000–06) болуп эмгектенген. Өсүмдүктөрдүн экол. физиологиясы, токой экосистемасынын экол. мониторинги б-ча адис. 100дөн ашык ил. эмгеги, а. и. 3 монографиясы бар.

Эмг.: Физиологические особенности скороплодных и обыкновенных форм ореха грецкого в Южной Киргизии (в соавторстве). Ф., 1975; Эколого-физиологические обоснование повышения продуктивности ореха грецкого. Ф., 1984; Водный режим основных лесообразующих пород орехо-плодовых лесов Южной Киргизии (в соавторстве). Ф., 1988; Кыргызстандын жаңгак токойлору (в соавторстве). Ф., 1990.

КОЛО ДООРУ – болжол м-н б. з. ч. 4-миң жылдыктан 1-миң жылдыктын башына чейинки тарыхый маданий мезгил. Бул учурда маданий борборлордо колодон, эмгек шаймандарын ж-а согуш куралдарын жасоо өнүккөн. Түш. Иран, Түркия ж-а Месопотамиядан б. з. ч. 4-миң жылдыкка таандык эң байыркы коло куралдар табылган. Кийинчерээк коло куралдары Египетте (б. з. ч. 4-миң жылдыктын аягынан), Индияда (б. з. ч. 3-миң жылдыктын аягынан), Кытайда (б. з. ч. 2-миң жылдыктын ортосунан) ж-а Европада (б. з. ч. 2-миң жылдыктан) пайда болгон. Америкадагы К. д-нун өзүнчө тарыхы бар. Перу ж-а Боливиянын аймактары кийинки тиуанаку мад-ты деп аталган (б. з. 6–10-к.) металлургиянын борбору болгон. Б. з. ч. 1-миң жылдык ченде Африкада да коло иштетүү болгондугу шексиз. К. д-нун калдыктары КМШнын бардык аймагында кездешет. Бул жерлерди мекендеген уруулар Батыш Европадагыдай эле алгачкы коомдук түзүлүштө жашаган. О. Азиянын түш.-батышында отурукташып, дыйканчылык м-н кесип кылган уруулар коло иштетүү жагынан жогорку деңгээлге жетишкен. К. д. Казакстан, Сибирь, О. Азиянын мал чарбачылык ж-а дыйканчылык м-н кесип кылган урууларында б. з. ч. 17–14-к-да тараган. Чүй өрөөнүнүн Сокулук, Садовый кыш-нан, Кочкордун Шамшы коктусунан табылган коло куралдар ж-а «кенч» буюмдар Кырг-ндын аймагында б. з. ч. 12–8-к-да К. д-нун өзгөчө күчтүү өнүккөндүгүн айгинелейт.

КОЛО ДООРУНДАГЫ КЕНЧТЕР Кырг-ндын түндүгүндө табылган коло кенчтер ж-а казына-

лар аймакта б. з. ч. 12–9-к-да металл иштетүү болгондугун далилдейт. Алар археология илиминде Жети-Суу очогу деп аталат. Жети-Суу очогунан 12 кенч табылып, анда 100дөн ашык буюм болгон. 12 кенчтин тогузу Чүй өрөөнүндөгү Садовый айылынан Ысык-Көлдүн Ак-Суу р-нунун Каракол айылына чейинки аймакта табыл-



1



2

1 – оролгон жырткычтын сүрөттөлүшү, таман астында сайгактын башы. Коло. Б. з. ч. VI–V кк. (Ысык-Көл өрөөнү); 2 – оролгон пантеранын сүрөттөлүшү бар тактача. Ат жабдыктарынын бөлүгү. Коло. Б. з. ч. VIII–VII кк. (Ысык-Көл өрөөнү).

ган. Металл өндүрүү ж-а андан буюмдарды жасоо технологиясы коло доорунун мад-тын окуп үйрөнүүдө мааниси зор. А. Д. Дегтяреванын изилдөөсү б-ча Жети-Суу очогунда коло буюмдарын даярдоодо коргошун, висмут, күмүш, мышьяк көп кошулуп, калыпка куюлгандан кийин металлдын сапатына жараша ысытып, кээде муздак да чабышкан. Жети-Суунун байыркы металл иштетүүчүлөрүнүн салттуу такшалган ыкмалары болгон, алар укумдан-тукум-



Коло кумура жана табак. XIV к.

га өтүп турган. Проф. Е. Е. Кузьмина О. Азиядагы коло доорунун кенчтерин эки түргө айырмалайт: 1) уютулган коло, куюлуп жасалган ж-а жарым-жартылай даяр буюмдар; 2) эмгек, согуш куралдары, кооздуктар ж-а өздүк буюмдар. К. д. к. жеке менчиктин пайда болушу, өз ара согуштардын тереңдеши, мүлктүк теңсиздиктин жогорулашы, металл иштетүүчүлөрдүн өз алдынча адистешиши, соода, алмашуунун өнүгүшү м-н байланыштуу.

КОЛО ДООРУНДАГЫ КӨРҮСТӨНДӨР – б. з. ч. 2-миң жылдык – б. з. ч. 8-к-га таандык археол. эстеликтер. Көрүстөндөрдүн түзүлүшү, кошо коюлган буюмдардын баалуулугу ж-а көлөмү б-ча көмүлгөн адамдын мүлктүк жана социалдык жактан айырмачылыгы баамдалат. Көрүстөндөрдө күлдүн ж-а адамдын өрттөлгөн сөөгүнүн кездешиши алардын диний ишениминде отко сыйынуу болгондугун айгинелейт. Адамды көмүү учурунда от колдонулуп, көрдүн тегерегинде диний ырымдар аткарылган. Сөөктү өрттөө м-н катар айрым көрүстөндөрдө сөөктү бүрүштүрүп, көрдүн сол капталына жаткызган учурлар да кездешет. Көрүстөндөрдөгү сөөктүн жанында күнүмдүк турмушта керектелүүчү буюмдардын бар экендиги (чопо идиштер, тамак-аш калдыктары, кооздуктар, курал-жарактар) ж-а көрдүн үй сымал түзүлүшү тиги дүйнөдө жашоо уланат деген ишенимдин болгондугун көрсөтөт. Көрдүн сыртындагы коргондун ичинен чопо идиштердин табылышы сөөктү койгондон кийин маркумду эскерүү, анын арбагына сыйынуу жөрөлгөсүнүн калыптангандыгын тастыктайт. Кырг-ндагы байыркы коло дооруна таандык эстелик – Ак-Суу чебинин калдыгы (б. з. ч. 15–14-к.), коло доорунун эстеликтери – Арпа көрүстөнү, Пригородный айылына жакын жерде табылган көрүстөн, Таш-Төбө, Таш-Башат, Жазы-Кечүү, Тегирмен-Сай, Кулан-Сай, Кызыл-Сай, Жол-Арык ж. б. көрүстөндөр.

КОЛО ИШТЕТҮҮНҮН ЖЕТИ-СУУ ОЧОГУ б. з. ч. 12–9-к-да өкүм сүргөн. Анын башка аймактардагы металл иштетүү очокторунан айырмаланган өзгөчө мүнөздүү белгилери болгон. Буюмдарды жасоодо коргошун, висмут, күмүш, мышьяк кошулган (к. *Коло доорундагы кенчтер*).

КОЛО́МБО, К о л а м б а – Шри-Ланка арал мамлекетиндеги шаар, Батыш провинциянын адм. борбору. 1983-ж. өлкөнүн борбору Шри-Джаяварденепура-Котте ш-на расмий көчүрүлгөн.

Шри-Ланка а-нын түш.-батыш жээгинде, Келани д-нын чатында жайгашкан. Инди океанындагы маанилүү дениз жолдорунун кесилишиндеги порт (дүйнөдөгү эң чоң жасалма гавань, аянты 2,25 млн $м^2$). Өкмөт ж-а президент жайы. Калкы 678 миң (2008, шаар айланасы м-н Чоң Коломбо шаар агломерациясын түзөт; калкы 2,5 млн). Шаарды көптөгөн каналдар түйүнү кесип өтүп, К-ну Бейра көлү (шаардын борборунда жайгашкан) м-н туташтырат. Маанилүү жолдор тоому. Эл аралык аэропорту бар. К-нун түн. ж-а түн.-чыгыш адм. чек арасы Келани д. аркылуу өтөт. 8-к-дан араб көпөстөрүнүн Каланпу деген аталыштагы кыштагы, 14-к-дан Колонтота деген ат м-н маанилүү соода борбору катары белгилүү. Ушул эле жерде 1517-ж. португалдар Коломбо фортун негиздешип, 1593-ж. Х. Колумбдун урматына аташкан. К. 1802-жылдан Цейлон мамлекетинин, 1948-жылдан Цейлон доминионунун, 1972-жылдан Шри-Ланка Респ-ның борбору.

Шаарда өлкөнүн финансы банк, камсыздандыруу ишканаларынын штаб-квартиралары ж-а Чоң К-до Шри-Ланкадагы 6 эркин экон. зонанын бешөө жайгашкан. Тамак-аш (корица ж. б. татымалдар), жеңил (булгаары буюм, кездеме ж. б.), хим. (пластмасса, жер семирткич ж. б.), кеме куруу ж-а ремонттоо, бут-кийим, металлургия, машина куруу (станок ж-а анын жабдуулары), айнек өн. ж. ишканалары, шина з-ду иштейт. Кол өнөрчүлүк өнүккөн. Улуттук ИА, ун-ттер (а. и. Видьяланкара будда), мамл. ил.-из. департаменти ж-а ин-ттары (а. и. Улуттук кеңеш, өн. ж. ж. б.), мед. ин-т, коллеждер (музыка, бий ж. б.), Улуттук музей (анын астында китепкана ачылган; анда тарыхый баалуу китеп, журналдар ж-а кол жазмалар сакталган), улуттук архив, обсерватория (1907), китепканалар, сүрөт гал., театрлар ж. б. бар. Фестивалдар (цирк артисттеринин Кэнди Эсала Перахера, августта; буддага арналган Дуруту Перахера, январда), чай аукциону (дүйнөдөгү эң ири) өткөрүлүп турат. К-дон түштүктө зоопарк уюштурулган. Аралдын тропиктик кооз табиятына байланыштуу туризм өнүккөн.



Коломбо шаарынын көрүнүшү.

КОЛОНА́Т (лат. colonatus, colonus – дыйкан) – чыныгы өндүрүүчү (колон) м-н ири жер ээси ортосундагы өндүрүш мамилелеринин өзгөчө формасы. Рим империясында калыптанып, кенири тараган. К-тык система б-ча мурда бир борбордон башкарылып, кулдар иштетип келген жер менчиги көптөгөн чакан участкаларга бөлүнүп, колондорго иштетүү үчүн жерлер убактылуу пайдалануу же ижарага берилген. Колондор жер ээсине алгач акчалай, кийин накталай (жыйналган түшүмдүн бир бөлүгү) алым төлөгөн. К-тын тарыхы эки мезгилге бөлүнөт. Алгачкы мезгилде (б. з. ч. 2-к. – б. з. 1-к.) жер ээси майда кул ээси катары эркин колонго участкасын иштетүүгө жерди (ижарага) берген. Ошондуктан К. кул ээлик мамилелердин бир гана формасы болгон. Экинчи мезгилде (б. з. 2-к-дан)

колон майда кул ээси эмес, өз алдынча өндүрүүчүгө айланган (к. *Колондор*).

КОЛОНДОР (лат. coloni) – 1) байыркы Римдеги майда ижарачылар; 2) алгачкы о. кылымда Батыш Европада феодалдарга көз каранды дыйкандар тобу.

КОЛОНИАЛИ́ЗМ – экон. жактан начар өнүккөн өлкөнү, аймакты ж-а элди согуштук, саясий же экон. кысымдын жардамы м-н мамлекеттер тобунун эзүүсү ж-а көз каранды кылуусу. «К.» термини 1960-жылдарга чейин Европанын өнүккөн өлкөлөрү (15-к-дын аягынан) ж-а АКШнын (19-к-дан) Азия, Африка, Латын Америка, Австралия ж-а Океанияга, о. эле Япониянын (20-к-дын 1-жарымында) Океания ж-а Чыгыш Азияга жүргүзгөн үстөмдүк системасын мүнөздөө үчүн колдонулат. К. системасы Улуу геогр. ачылыштар доорунда калыптанган. 15–20-к-да Британия империясы ж-а Германия, Испания, Нидерланд, Португалия, Франция колониялык империялар болгон. 15–19-к-да К. системасы үчүн башка өлкөлөрдү зордоп басып алуу ж-а талоо, басып алынган аймактар м-н соода жүргүзүүдө монополия түзүүгө умтулуу, эзүүнүн кулчулук формаларын тамырлатуу ж. б. мүнөздүү болгон. Бул мезгилде колониялык саясат атайын түзүлгөн компаниялар аркылуу жүргүзүлгөн (к. *Ост-Инд компаниялары*). 19-к-дын 2-жарымынан колонияларды эксплуатациялоодо эквивалентсиз соода алмашуу чоң ролду ойногон. 19-к-дын аягында көз каранды аймактар ж-а колониялар метрополиянын тикеден-тике мамл. көзөмөлүнө өткөн. 1914-ж. жер шарындагы калктын 60%и, аймактын 66,8%и колонияга ж-а көз каранды өлкөлөргө айланган. Колонияларда улуттук-боштондук кыймыл күч алган. Ири державалардын ортосундагы колонияларды кайра бөлүштүрүү үчүн күрөш биринчи дүйнөлүк согуштун чыгышын шарттаган. Бүгүнкү историографияда К. өзүнүн өнүгүшүндө төмөнкү этаптарды басып өткөн система катары каралат: 1) Улуу геогр. ачылыштар доорунан Европадагы «эски тартип» кризис доруна чейин. Европадан тышкары аймактарды (Америкадагы испаниялык ж-а португалиялык конкисталар) басып алып, аларды тоноп, чыгыш өлкөлөрүнө теңсиз соода байланыштарын таңуулашкан (Азиядагы голландиялык ж-а англ. факториялар). Европага башка мамлекеттердин товарлары алынып келген; 2) Европа ж-а Түн. Америкадагы өн. ж. капитализм доору (18-к-дын аягы – 19-к-дын 2-жарымы). Европа көптөгөн товарларын экспортко чыгарып, жаңы аймактарды өзүнө караткан; 3) колонияларды империалисттик эксплуатациялоо доору (19-к-дын аягы). Бул мезгилде метрополиялар үчүн пайдалуу болгон товар алмашуу системасы калыптанып, колонияларда метрополиядан капитал чыгаруу өскөн. 2- дүйнөлүк согуштун учурунда, өзгөчө

1940-жылдардын 2-жарымы – 1960-жылдардын башында колониялар ж-а көз каранды мамлекеттерде элдик көтөрүлүштөрдөн улам К. системасы кулап, мурдакы колониялар көз каранды эместикке жетишкен. АКШ, Улуу Британия, Франция, Нидерланд ж. б. өлкөлөрдүн бийлиги астында айрым гана аймактар (негизинен аралдар) калган. Бирок көз карандысыздык алган мурдакы колониялар өз алдынча иш жүргүзө албагандыктан, өздөрүнүн мурдакы метрополиялары м-н тыгыз чарбалык, саясий, маданий байланыштарын сактап калышкан ж-а метрополиялар мурдакы колонияларынын ички конфликттерине аскердик-саясий кийлигишүүлөрүн жасагандыгы бүгүнкү күнү неколониализм деп айтылат. БУУнун Генералдык Ассамблеясы 14-декабрда 1960-ж. кабыл алынган № 1514 резолюциясында К-ди адамзатка каршы эл аралык кылмыш деп жарыялаган.

КОЛОНИЯЛУУ ОРГАНИЗМДЕР – жыныссыз көбөйүүдө пайда болгон (бүчүрлөнгөн) муундар эне организминен бөлүнбөй, чогуу бир татаал түзүлүштүү – колония түзүп жашоочу организмдер. К. о. негизинен бир клеткалуу балырда, былпылдактарда ж. б. кездешет. Айрымдары субстратка жабышып (радиолярия, сифонофора ж. б.), кыймылсыз жашайт. Булардын аздыр-көптүр скелети болот. Колониялуу радиолярия, сифонофора ж. б. суу тереңинде жашап, скелети жок, тунук болот. К. о-дин көбү – дениз жаныбарлары. Аларга жөнөкөйлөрдөн айрым шапалактуулар, радиоляриялар, көпчүлүк былпылдактар, ичеги көндөйлүүлөр, бардык гидралар, шуру полиптери ж. б. кирет. Алар колония түзүшү б-ча зооспоралуу ж-а автоспоралуу болуп бөлүнөт. К. о-дин көбүнө метагенез, б. а. колониялуу, вегетация жолу (жыныссыз) м-н көбөйгөн муун, жыныс жолу м-н көбөйгөн жалгыз муун м-н кезектешүү мүнөздүү. Кээде дайыма же убактылуу чогулуп жашаган организмдер (кумурска, аары, термит, бактериялар, куштар, айрым сүт эмүүчүлөр) колония түзүп жашайт.

КОЛО́НКА – кен байлыктарды издөөдө, чалгындоодо, казып алууда бургулоочу шаймандардын болот түтүктөрү. Диаметри, уз. ар кандай. К-ларды бири-бири м-н улаштырып, терең бургулоочу снаряддар даярдалат. Кенташтан же тоо тектеринен керн (үлгү) алуу үчүн кеңири колдонулат.

КОЛОНКАЛУУ БУРГУЛОО – тоо тектери тегерек алкак түрүндө бургуланып, колонканын ичинде керн болуп сакталуучу бургулоо. Мында тектердин талкаланган майда бөлүкчөлөрү насос м-н жиберилген сууга аралашып, үңүлмөдөн агып чыгат. Бургулоодон пайда болгон керн түтүктүн ичинде, скважинанын тереңдигине жараша колонканы толтура берет. Кезеги келгенде кыпчыгыч м-н керн бек кыпчылат да, колонканы өйдө көтөргөндө үзүлүп кетет. Аны сыртка чыгарып алат. Бургулоочу аспаптар атайын шаймандын жардамы м-н иштейт. Көтөрөт, түшүрөт, айлантат, снаряддарды жылдырат. К. б. бек, катуу тектерди бургулоодо, кендерди чалгындоодо, инж.-геол. изилдөөлөштеринде колдонулат.

КОЛО́ННА (фр. colonne, лат. colum[illegible] – түркүк) – имаратты тиреп ж-а ага көрк бери[illegible]руучу архралык түркүк. Жөнөкөй тироөч [illegible]ары пайда болуп, Байыркы Египет ж-а Бай[illegible]кы Грекия иск-восунда көркөмдөлүп, класси[illegible]ык формага ээ болгон. К. *архитектуралык [illegible]дердин* курамына кирет ж-а имаратты тик абалда кармоо үчүн кызмат кылат. К. таш, бышкан кыш,



Апамеядагы колоннада (Сирия). 2-к-дын экинчи жарымы.

бетон, болот, жыгач материалдардан жасалат. К-нын негизи, сөңгөгү, уч жагы (капители) болот. Классикалык К-лардын уч жагы ичкерээк, орто жери (сөңгөгү) жоонураак болот. Арх-ралык эстелик түрүндө өз алдынча турган К-лар бар, алар ар кыл скульптуралык сүрөттөр, эстеликтер м-н кооздолот. Катар турган бир нече К. колоннада деп аталат. Кырг-нда Бишкек ш-нын айрым имараттарында, Балыкчы, Жалал-Абад ш-ларына кире бериште ж. б. жерлерде К-лар тургузулган.

КОЛОРА́ДО (исп. colorado – кызыл, боёлгон) – АКШнын түштүгүндөгү дарыя. Уз. 1450 *км*, алабынын аянты 107 миң *км*². Ллано-Эстакадо платосунан башталып, Мексика булуңуна куят. Негизинен жамгыр суусунан куралат. Жазында кирип, жайында тартылат. Суусунун жылдык орт. чыгымы төмөнкү агымында 81 *м*³/*сек*. Сугатка кеңири пайдаланылган суу сактагычтар көп курулган. Боюнан Остин ш. орун алган.

КОЛОРА́ДО – АКШ м-н Мексикадагы дарыя. Уз. 2334 *км* (оң салаасы Грин-Ривер м-н 3200 *км*), алабынын аянты 635 миң *км*². Аскалуу тоолордон башталат да, жарым чөл ж-а чөлдүү аймактар аркылуу агып, Калифорния булуңуна куят. Дельтасынын аянты 8000 *км*². Дарыя *Колорадо* платосунда жалпы уз. 800 *км*ге жеткен терең (1800 *м*ге чейин) шаңшаарларды (Чоң Каньон ж. б.) пайда кылат. Куймалары: Сан-Хуан, Литл-Колорадо, Хила (сол), Грин-Ривер, Дерти-Девил, Эскаланте, Пария, Канаб-

Крик, Вержин (оң). Кар ж-а жамгыр суусунан куралат. Суусу апрелден июлга чейин ташкындап, күзүндө ж-а кышында азаят. Орт. чыгымы ортонку агымында 677 *м*³/*сек*, сугат каналдарына ж-а шаарларды суу м-н камсыз кылуу үчүн таралгандыктан, чатында чыгымы 5 *м*³/*сек* гана болуп калат. Калифорния булуңунда суу киргенде аны[illegible] ташкыны (бийикт. 10 *м*ге чейин) дарыя өр[illegible] б-ча 56 *км*ден ашык аралыкка чейин жете[illegible]арыянын суу ресурстары энергетикада, ирр[illegible]цияда ж-а суу м-н камсыз кылууда пайд[illegible]ылат. К-го ири суу сактагычтар ж-а ГЭС[illegible]курулган. К. – АКШдагы агымы жөнгө са[illegible]ган бирден бир дарыя; анын суусу өлкөнүн [illegible]ка дарыяларына караганда сугатка ж. б. [illegible]балык муктаждыктарга арбын пайдаланылат. Натыйжада К-нун суусу Мексикага дээрлик жетпейт. Төмөнкү агымында дениз кемелери ж-а биржалар каттайт, бирок дарыянын транспорттук мааниси чектелүү гана. К-нун алабында улуттук парктар (мис., Гранд-Каньон, Каньонлендс, Арчес) ж-а эс алуу зоналары бар.

КОЛОРА́ДО – Түн. Америка Кордильерасынын ички тилкесиндеги плато, АКШнын түш.-батышында. Түн.-батышынан Чоң Бассейн, чыгыш ж-а түн.-чыгышынан Аскалуу тоолор, түштүгүнөн Мексика тайпак тоосунун ички аймактары м-н чектешет. Аянты 300 миң *км*². Басымдуу бийикт. 1800–2500 *м*, эң бийик жери – Хамфрис-Пик тоосу (3861 *м*). К. кембрийге чейинки кристаллдык тектерден түзүлүп, үстүн палеозойдон палеогенге чейинки калың чөкмө тектер каптап жатат. Дарыя каньондору (шаңшаарлар) м-н тилмеленген (Колорадо д-ндагы Чоң Каньон ж. б.). Кайнозойдогу көтөрүлүүдөн вулканизм процесси жүрүп, дарыялар тоолорду жемире баштаган (Колорадо д-ндагы Чоң Каньондун пайда болушу). К-нун айрым жерлери супа сымал түзүлүштө, капталдары тик. Климаты субтропиктик, континенттик, кургак; жылдык жаан-чачыны 200–500 *мм*. Талаа ж-а чөл өсүмдүктөрү (суккуленттер кошо) басымдуу. К-нун түштүгүндө «түрдүү түстөгү» чөлдүү аймак жайгашкан; андагы үбөлөнүүдөн пайда болгон өтө ачык түстөгү (ак, кызыл, сары, кызгыл сары) тоо тектер ж-а эол процесстери рельефтин өзгөчө (көпүрө, үнкүр, дарбаза сымал) формаларын пайда кылат. Уран-ванадий кендүү ири аймак; о. эле полиметалл кенташтары ж-а алтын кендери бар.

КОЛОРА́ДО КОҢУЗУ (Leptinotarsa decemlineata) – курт-кумурскалардын жалбырак жегичтер тукумундагы жандык; картөшкө ж. б. ит жүзүмдөр уруусундагы өсүмдүктөрдүн коркунучтуу зыянкечи. Дене уз. 9–12 *мм*, канатында 5тен кара тактары бар, личинкасы 15 *мм*ге жетет, кызыл же сары кызыл түстө. Европага Түн. Америкадан (Колорадо штаты) келген (1859). Ургаачысы 2500гө чейин жумурткасын 15–20дан топ-топ кылып, картөшкөнүн жалбырагынын



төмөн караган бетине таштайт. Андан 16–24 күндө личинка өсүп жетилет. Биринчи муундагы курту жалбырактын жумшак бөлүгүн, экинчиси өзөгүнөн башкасын жеп, картөшкөнү соолутуп, түшүмүн кескин азайтат. Жерг. шартка оңой көнүп, тез көбөйөт. Коңуздар ташылган жүк ж. б. аркылуу тарайт. Каршы күрөшүү чаралары: карантин чектөө, зыянкеч тараган аянтка полихлорпинен, кальций арсенаты, хлорофос, фталофос чачуу.

КОЛОРАТУ́РА (италянча coloratura, лат. coloro – кооздоо) – вокалдык партиянын ж-а ырдын обонун кооздоп, көркөмдөп, түрлөнтө аткаруу ыкмасы. К. вокалдык музыканын көптөгөн түрлөрүндө бар. Ал *Кайра жаралуу* доорунан баштап чиркөө ырларында, айрым элдик профессионал ырдоо өнөрүндө (мис., азербайжандыктардын ашугунда) кездешет. 18–19-к-дан тартып итал. операларда кеңири өнүккөн. Айрыкча аялдардын бийик үндөрүндө, лирикалык тенор, бас-буффаларда тараган. Чыглыктын өзүнчө бир көркөмдүк ыкмасы катары К-ны классик комп. А. Скарлатти, В. Моцарт, Ж. Россини, А. Дели, Ж. Верди, М. Глинка, Н. Римский-Корсаков, кыргыз комп. Н. Давлесов ж. б. пайдаланышкан.

КОЛОРИ́МЕТР (лат. color – түс ж-а ...*метрия*) – түс өлчөөчү ж-а аны сан жагынан туюнтуучу курал. К. визуалдуу ж-а фотоэлектрдик (объективдүү) деп бөлүнөт. Визуалдуу К. көрүү талаасынын биринчи жарымында өлчөнүүчү түс, экинчи жарымында куралдын үч негизги түсүнүн (кызыл, жашыл, көк) аралашмасы жайгашкан түстөрдү теңдөө жолу м-н өлчөйт. Түстү аныктоо аралашманын түстүк координаталарын өлчөө м-н ишке ашырылат. Фотоэлектрдик К-де өлчөнүүчү нурланууну талдоо ж-а түстүн координаталарын эсептөө м-н автоматташтырылган түрдө ишке ашырылат. Түстөрдү жогорку тактыкта өлчөө спектроколориметрлерде жүргүзүлөт. К. ар кандай тармактарда түрдүү материалдын ж-а продуктунун, жарык булагынын, жарык чыпкасынын, теле- ж-а кино сүрөттөлүштүн, полигр. ж-а токуу продукциясынын ж. у. с. түсүн көзөмөлдөөдө колдонулат.

КОЛОРИМЕ́ТРИЯ ф и з и к а д а – түстү өлчөө ж-а аны сан жагынан туюнтуу ыкмалары ж-дөгү илим. Ал 3 негизги түстү тандап алган системада түстүн координатасын аныктайт. К-да түстүн мүнөздөмөсү үч өлчөм, б. а. сан жагынан өз ара байланышкан үч параметр м-н туюнтулат. Ошондуктан, К-да түс сызыктуу мейкиндиктеги үч компоненттүү вектор катары сүрөттөлөт. Мүнөздөлүүчү нурланууну туюнткан үч нурлануунун түсү негизги түстөр деп аталат.

Ар бири калган экөөнүн кошулушу аркылуу алынбай турган каалаган үч түс негизги түстөрдү түзөт. Кызыл, жашыл ж-а көк сыяктуу негизги түстөрдөн турган К-лык система өтө кеңири колдонулат. Булардын аралашмасынан турмушта кездешкен бардык түстөрдү алууга болот.

КОЛОРИ́Т (итальянча colorito, лат. color – өңтүс, боёк дегенден) – көркөм сүрөт өнөрүнүн ар кыл боёктордун айкалышып, бирдиктүү бир түстү жаратуусу. К. эмоциялык, психол. туюнтуунун маанилүү куралы болуп, көркөм образды толук ачууга кызмат кылат. Кайсы бир боёктордун басымдуулук кылышына жараша К. жаркын же күңүрт, салкын (көк, жашыл түс басымдуулук кылса) же жылуу (кызыл, сары түс көптүк кылса) ырай болушу мүмкүн. К-ти чебер пайдалана билген сүрөткер колорист, ал эми скульптура м-н арх-радагы К. полихромия деп аталат.

КОЛОТ – Жалал-Абад обл-нун Базар-Коргон р-нундагы кыштак. Акман айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 690 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 13 *км* түш. тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 25 *км*. Кыштак 1910-ж. негизделген. Калкы 1967 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП, мечит бар. Соода түйүндөрү, мончо иштейт.

КОЛОТ, к. *Кокту*.

КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮК – 1) кол эмгегине негизделген майда өндүрүш; ири машина индустриясы пайда болгонго чейин ө. ж. буюмдарын колго жасоо. К. ө. байыркы заманда эле пайда болгон. Эмгектин коомдук бөлүнүшүнүн натыйжасында ү й К. ө., ө т ү н ү ч К. ө. ж-а б а з а р К. ө. болуп бөлүнөт. Үй К. ө. өз керектөөсүн камсыз кылуу үчүн буюм жасайт. Ал чарбанын башка тармагынан бөлүнбөстөн, өндүрүштө эмгектенген адамдардын жардамчы кесиби болгон. Үй К. ө. натуралай чарбага таандык болуп, анын элементтери м-н өсүп-өнүккөн. Эмгектин коомдук бөлүнүшүнүн өнүгүшү натуралай чарбаны бүлүндүрүп, К. ө-тү көбөйтөт. Ал а. ч-дан бөлүнүп, өтүнүч ж-а базар кол өнөрчүлүгүнө ажырайт. Өтүнүч кол өнөрчүлүгү – устанын же кардардын өз сырьёсунан буюм жасоо өндүрүшү. Бул учурда кол өнөрчүлөр а. ч. ишинде көп иштегени м-н ө. ж. эмгегин аткаруучу бөтөнчө топко айланат. Базар кол өнөрчүлүгү – майда товар өндүрүшү. Кол өнөрчү буюмду керектөөчүгө жерг. базарда же соодагер аркылуу сатат. О. эле Россияда да дыйкан кол өнөрчүлүгү, шаар кол өнөрчүлүгү сыяктуу К. ө-түн түрлөрү болгон; 2) уста, уз, зергерлердин байыртадан муундан муунга мурас катары өткөн асем буюмдарды жаратуучу кесиби; улуттук мад-ттын ажырагыс бөлүгү, калктын тарыхый эстелиги, калк казынасы, чеберчиликтин натыйжасы. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү мал чарбачылыкка байланыштуу, көчмөн турмуштун негизинде өнүккөн. К. ө-тө жүн, тери, кыл, мүйүз, сөөк, жыгач, чий, темир, күмүш, жез, калай, акак, таш, шуру, м[illegible]чок, седеп ж. б. кеңири колдонулган. Өсүмд[illegible]амырынан, кабыгынан ж-а жалбырагынан [illegible]к даярдап, анык чеберлер таң каларлык бук[illegible]рды жаратышкан. К. ө-түн түрлөрүнө: ойм[illegible]лук (шырдак, жабык баш), саймачылык (ж[illegible]арчы, суу жоолук, белдемчи, туш кийиз), зер[illegible]илик (шакек, сөйкө, билерик, чолпу, кемер[illegible]ур, ат жабдыктары), мүйүзчүлүк (кыз-кели[illegible]ердин асем буюмдары, тарак, абалак, чакча), жыгаччылык (боз үй жасалгалары, үй эмеректери, ат жабдыктары, комуз), кырмачылык (идиш-аяктар ж. б.), чырмакчылык (чыгдан, канат чий), темирчилик (тулга, капкан, ооздук, тогоо ж. б. ат жабдыктары), түймөчүлүк (тегирич, чачы), өрмөчүлүк (камчы, жүгөн, куюшкан, басмайыл, көмөлдүрүк, чидер), өрмөкчүлүк (таар, шалча, чепкен, кап), бычмачылык (кийимдер), куракчылык (жер төшөк, туш кийиз, килемче ж. б.), ташчылык (жаргылчак, тегирмен), теричилик (шири, кайыш), килемчилик (килем токуу), боёкчулук (жүн боёо), эшмечилик (чылбыр), кытаттоо (тери ж. б.) өндүүлөр кирет. Учурда чеберлер байыртадан келе жаткан элдик ыкмаларды кеңири пайдаланып, К. ө-тү андан ары өнүктүрүүдө. Борборубуздагы «Кыял» ж-а жер-жерлердеги К. ө. бирикмелер жараткан салттык көркөм буюмдар чет өлкөлүктөрдүн кызыгуусун туудурууда.

Ад.: *Рыбаков Б. А.* Ремесло Древней Руси. М., 1948; *Акматалиев А.* Көркөм кол өнөрчүлүк. Ф., 1984.

КОЛПАКОВА Татьяна Алексеевна (18. 10. 1959-ж. т., Чүй обл., Аламүдүн р-ну, Аламүдүн айылы) – спортчу (узундукка секирүү), олимпиялык оюндардын ж-а Кырг-ндын чемпиону ж-а рекордсмени. СССР спортунун чебери (1978), эл аралык класстагы чебер (1979), СССР спортунун эмг. сиң. чебери (1980). КМДТИни бүтүргөн (1988). 1979-ж. СССР курама командасына кирген. 22-олимпиялык оюндарда 7 *м* 6 *см* узундукка секирип, алтын медалды жеңип алган (1980, Москва). Европанын кубогуна ж-а 1981-ж. Румынияда (Бухарест) өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк студенттердин универсиадасына катышып, узундукка секирүү б-ча 1-орунга чыккан (6 *м* 81 *см*). Эл достугу ордени м-н сыйланган.



КОЛПАКО́ВСКИЙ МӨҢГҮСҮ – Тескей Ала-Тоонун түш. капталындагы татаал өрөөн тибиндеги эң ири мөңгү. Сары-Жаз суусунун оң куймасы Үч-Көлдүн алабында жайгашкан. Уз. 10 *км*, туурасы 1–1,1 *км*, аянты 30,7 *км*², калыңдыгы 90–120 *м*, абляциясынын аянты 9,2 *км*². Мөңгүнүн башы дениз деңг. 4750 *м*, этеги 3660 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4300–4350 *м*. «Тилинин» калыңдыгы 50 *м*. Мөңгү 1869-жылдан бери 1300 *мге* тартылган. Мөңгүдөн башталган суу Үч-Көл суусунун жогорку агымы Сары-Чатка сол тараптан куят. Орус генералы Г. А. Колпаковскийдин ысмынан аталган.

КО́ЛПИТ. к. *Вагинит*.

КО́ЛРИЖ [illegible]мюэл Тейлор (21. 10. 1772, Девоншир Отт[illegible]-Сент-Мэри – 25. 7. 1834, Лондон) – англ. ак[illegible]а адабий сынчы. 1789-ж. демокр. маанайд[illegible]«Бастилияны алуу» деген ыры жарыкка ч[illegible]ан. Кийин консервативдик өңүткө өткөн. К[illegible]«Лирикалык балладалар» (1798, У. Вордс[illegible] м-н бирге, бүтпөй калган «Кристабель» по[illegible]сынын (1816-ж. чыккан), («Кубла хан же тү[illegible]о көргөндөр» фрагментинин (1798), «Картаң [illegible]ряк жөнүндө поэма» ж. б. чыгармалардын автору. Шекспир тууралуу лекциялары (1849-ж. басылган) ж-а сынчыл эсселери бар. К-дин поэтикалык чыг-лыгы 19–20-к-дагы англис поэзиясына, Россияда Пушкинге (1830-жылдар) таасир тийгизген.

КОЛТУК – 1) колдун ийин м-н туташкан астынкы бети, капталдын үстүнкү бөлүгү; 2) тоо арасында ыктоо жайгашкан жер, кысык, бурч, түп; 3) көл, дениздердин кургактыкка терең кирип турган ичке булуңу. Адатта, ага дарыя куят.

КОЛУ́МБ (лат. Columbus, итал. Colombo, испанча Colon) Христофор (1451, Генуя ш., Италия – 20. 5. 1506, Испания Вальядолид ш.) – генуялык дениз саякатчы. 1476–84-ж. Португалияда жашаган. Жердин шар формасында экендиги ж-дөгү байыркы түшүнүктөргө ж-а 15-к-дагы ката божомолдорго таянып, Европадан Индияга баруучу эң кыска батыш дениз жолунун долбоорун түзгөн. Долбоорду Португалия колдобогон соң, Испания королу Фердинандды ж-а королева Изабелланы Ост-Индияга жасай турган экспедициясын каржылоого көндүрүп, 1492-ж. үч кичинекей кеме м-н («Санта-Мария», «Пинта», «Нинья») жолго чыгып, Атлантика океанын алгачкы ирет кесип өтүп, Багама а-на, Куба ж-а Гаитиге жетип, Азиядан анча алыс эмес жердебиз деп, ал жерди Вест-Индия атаган. Анын алгачкы отчёту Жаңы Дүйнөнүн бар экенине күбө болгон. Бир жылдан кийин (1493–96) э к и н ч и э к с п е д и ц и я с ы н а 17 кеме м-н чыгып, алтын таап келүүнү максат кылган. Үч жыл бою Кариб архипелагын изилдеп, бирок максатына жетпей кайткан. Кичи Антил аралдар тобундагы айрым аралдарда, Пуэрто-Рикодо, Ямайка ж-а Кубанын түш. жээгинде (83° батыш узундукка чейин) болот. Ү ч ү н ч ү э к с п е д и ц и я с ы н а (1498–1500) өтө кыйынчылык м-н каражат таап жолго чыгып, Тринидад а-н ж-а Түш. Американын жээктерин көрөт. Т ө р т ү н ч ү э к с п е д и ц и я с ы н а (1502–04) начар жабдылган 4 кеме м-н чыгып, Борб. Американын Атлантика жак жээгин (Гондурас булуңуна чейин) изилдейт. К-дун Америка ж-дөгү жыйнаган геогр. маалыматтарынын дүйнөлүк тарыхый мааниси зор. Анын аты м-н Түш. Америкадагы мамлекет, Канададагы провинция, АКШдагы федерация округу, плато, дарыя, Аляска ж. а-ндагы мөңгү, Багама а-ндагы тайыздык (банка), Кариб дениздиндеги суу астындагы чуңкурдук, Шри-Ланканын борбору, көптөгөн дарыялар, көлдөр, тоолор, шаркыратмалар ж-а тумшуктар (көпчүлүгү АКШда) аталган.



Ад.: *Морисон С. Э.* Христофор Колумб мореплаватель. М., 1958; Путешествия Христофора Колумба. Дневники, письма, документы. М., 1961; *Свет Я. М.* Севильская западня. (Тяжба о колумбовом наследстве). М., 1969; *он же.* Колумб. М., 1992; *Магидович В. И., Магидович И. П.* Эпоха Великих открытий. М., 2003.

КОЛУМБИ́Т – кычкылдар классына кирүүчү минерал. Колумбит-танталит тобуна кирет. Бул топтун минералдары $FeNB_2O_6$ (таза колумбит) ж-а $FeTa_2O_6$–$MnTa_2O_6$ (таза танталит) сыяктуу изоморф катмарларын түзөт. Курамында кошумча стронций, вольфрам, титан, цинк, уран, *сейрек жер элементтери* жана *чачыранды элементтер* кездешет. *Ромб* системасында кристаллданат. Өңү-түсү кара, кара күрөң, кээде кызгылтым күрөң. Металлдай жалтырайт. Көбү күңүрт келет. Катуулугу Моостун шкаласы б-ча 6,0. С. салм. 5,2–7,9. Кварцтуу сиенитте, аляскитте, биотиттүү гранитте, *пегматитте* кездешет. Ниобий кенташы болуп саналат.

КОЛУ́МБИЯ – Канада м-н АКШдагы дарыя. Уз. 2000 *км*, алабынын аянты 669 миң *км*². Аскалуу тоолордогу Колумбия көлүнөн башталып, Тынч океанга куят. Бул жерде уз. 75 *км*, аянты 412 *км*² болгон эстуарий пайда болгон. Ири куймасы – Снейк (сол). Колумбия платосунан кууш өрөөн аркылуу агып, Каскад тоолорун кесип өтөт. Суусу жаз, жай мезгилдеринде тоодогу кар, мөңгүлөрдүн эришинен ташкындап, кышында тартылат. Орт. чыгымы төмөнкү агымында (Те-Далс ш. тушта) 5200 *м*³/*сек*, жылдык агымынын көлөмү 164 *км*³. К. гидроэнергетикалык ресурстарга бай; анда суу сактагычтар ж-а ири ГЭСтер курулган; АКШда гидроэнергетиканын 50% и К. д-ндагы ГЭСтерден өндүрүлөт. Ири ГЭСтери: Чиф-Жозеф, Гранд-Кули, Те-Далс, Мак-Нэри ж. б. 749 *км* аралыкка чейин кеме каттайт; дениз кемелери Портленд, биржалар Ричленд ш-на чейин жетет. Боюнан Уэнатчи, Ричленд, Ванкувер, Астория ш. (АКШ) орун алган. К. ж-а анын жээктери аңчылыкта, балык уулоодо, суу спорту м-н машыгууда кеңири пайдаланылат.

КОЛУ́МБИЯ, К о л у м б и я Р е с п у б л и к а с ы – Түш. Американын түн.-батыш бөлүгүндө жайгашкан мамлекет. Батышынан Тынч океан, түндүгүнөн Кариб денизи м-н чулганат. Түн.-батышынан Панама, түн.-чыгышынан Ве-





несуэла, түш.-чыгышынан Бразилия, түштүгүнөн Перу, түш.-батышынан Эквадор м-н чектешет. Аянты 1141,7 миң *км*² (Латын Америкасында 5-орун). Калкы 44,44 млн (2008; Латын Америкасындагы Бразилия, Мексикадан кийин 3-орун). Борбору – Санта-Фе-де-Богота (Богота). Расмий тили – испан тили (этностук топтордун тилдери да өздөрү жашаган жерлерде расмий тил болот). Акча бирдиги – колумбия песосу. Адм.-айм. жактан 32 департаментке ж-а 1 борб. округа бөлүнөт (к. таблицаны).

Администрациялык-аймактык бөлүнүшү (2005)

	Аянты, миң км²	Калкы, миң	Адм. борбору
Департаменттер			
Амасонас	109665	67,73	Летисия
Антьокия	63612	5682,28	Медельин
Араука	23818	232,12	Араука
Атлантико	3388	2166,16	Барранкилья
Боливар	25978	1878,99	Картахена
Бояка	23189	1255,31	Тунха
Валье-дель-Каука	22140	4161,42	Кали
Ваупес	54135	39,28	Миту
Вичада	100242	55,87	Пуэрто-Карреньо
Гуавьяре	53460	95,55	Сан-Хосе-дель-Гуавьяре
Гуайния	72238	35,23	Пуэрто-Инирида
Гуахира	20848	681,57	Риоача
Какета	88965	420,34	Флоренсия
Кальдас	7888	968,74	Манисалес
Касанаре	44640	295,35	Йопаль
Каука	29308	1268,94	Попаян
Киндио	1845	534,55	Армения
Кордова	25020	1467,93	Монтерия
Кундинамарка	22623	2280,04	Санта-Фе-де-Богота (Богота)
Магдалена	23188	1149,92	Санта-Марта
Мета	85635	783,17	Вильявисенсио
Нариньо	33268	1541,96	Пасто
Путумайо	24885	310,13	Мокоа
Рисаральда	4140	897,51	Перейра
Сан-Андрес ж-а Привиденсия	44	70,55	Сан-Андрес
Сантандер	30537	1957,79	Букараманга
Сесар	22905	903,28	Вальедупар
Сукре	10917	772,01	Синселехо
Толима	23562	1365,34	Ибаге
Түндүк Сантандер	21658	1243,97	Кукута
Уила	19890	1011,42	Нейва
Чоко	46530	454,03	Кибдо
Борбордук округ	1587	6840,12	

К. – БУУнун (1945), ЭВФтин (1945), Эл аралык реконструкция ж-а өнүгүү банкынын (1946), Америка өлкөлөрү уюмунун (19[illegible]), Анд тобунун (1969), Бүткүл дүйнөлүк сооданын уюмунун (1995), МЕРКОСУРдун (2004-жылдан ассоциациялашкан) мүчөсү.

Мамлекеттик түзүлүшү. К. – унитардык мамлекет. Конституциясы 1991-ж. 4-июлда кабыл алынган. Башкаруу формасы – президенттик республика. Мамлекет ж-а өкмөт башчысы – президент, эл тарабынан 4 жылдык мөөнөткө шайланат. Мыйзам чыгаруучу жогорку органы – Конгресс (Сенат ж-а Өкүлдөр палатасынан турган парламент 4 жылга шайланат). Сенатка улуттук округдардан 100, индейлер жамаатынан 2, Өкүлдөр палатасына 166 сенатор шайланат. Аткаруучу жогорку органы – улуттук өкмөт (президент, министрлер – кабинеттин мүчөлөрү ж-а адм. бөлүмдөрдүн директорлору). Өкмөт парламент алдында жооптуу. К-да көп партиялуу система орун алган. Белгилүү партиялары: К. либералдар партиясы, К. консерваторлор партиясы, «Биринчи кезекте – Колумбия», Патриоттук союз.

Табияты. К-нын аймагында бийик Колумбия Анд тоолору, Кариб деңизин ж-а Тынч океанды жээктей жаткан ойдундар, *Амазонка ойдуңунун* батыш бөлүгү, *Льянос-Ориноко* өзгөчөлөнүп турат. Тоолор өлкөнүн 33%ке жакын аймагын ээлейт. Колумбия Анд тоолору өлкөнүн батыш бөлүгүндө бири-бирине дээрлик жарыш созулуп, Чыгыш, Борб., Батыш ж-а Жээк Кордильера



Магдалена дарыясынын өрөөнү.

Анд тоолорун камтыйт. Алар бири-биринен Каука ж-а Магдалена д-нын өрөөндөрү аркылуу бөлүнөт. Чыгыш Кордильера бийик (5000 *м*ден ашык) ж-а жазы (270 *км*ге чейин) келип, кырына байыркы ж-а азыркы мөңгүлөр пайда кылган рельефтин формалары мүнөздүү. Эң бийик жери – 5775 *м* (Кристобаль-Колон чокусу). Борб. Кордильера – Колумбия Анд тоолорунун эң бийик кырка тоосу (5750 *м* – Уила; Руис жанартоолору). Мында аракеттеги (бийикт. 4500 *м*) ж-а очкон жанартоолор арбын, Батыш Кордильера Колумбия Анд тоолорунун эң жапыз бөлүгү (негизинен бийикт. 3000 *м* чамасында),



Борбордук [illegible]ильерадагы парамос.

байыркы ж[illegible]зыркы вулканизм мүнөздүү. Жээк Кордильер[illegible] – Анд тоолорунун эң кийин (жаш) пайда болгон бөлүгү (бийикт. 1810 *м*ге чейин); капталдары салыштырмалуу тик. Кариб деңизинин жээк түздүгүн мезгил-мезгили м-н суу каптап турат, агын суулардын өрөөндөрү м-н тилмеленген. К-нын түздүктүү чыгыш бөлүгүн калдык тоолуу бөксө тоолор ээлейт. Амазонка ойдуну Амазонка д-нын көптөгөн куймалары м-н тилмеленген. Льянос-Ориноконун К-нын четиндеги бөлүгү – деңиз деңг. 350 *м* бийиктикте жаткан ж-а өтө тилмеленген түздүк. Тектон. жактан К-нын батыш бөлүгү *Түштүк Америка платформасына*, батышы Чыгыш Тынч океан кыймылдуу алкагынын Анд бүктөлүү кырчоосуна кирет. Маанилүү кен байлыктары: нефть, газ, темир, никель, жез, фосфорит, зымырыт (изумруд).

К. экватор ж-а субэкватор климат алкактарында жайгашкан. Жеринин деңиз деңг. бийиктигине жараша К-нын аймагы төмөнкү климаттык алкактарга бөлүнөт: тьерра кальенте (ысык алкак), тьерра темплада (мелүүн алкак), тьерра фриа (суук алкак), тьерра элада (субниваль ж-а ниваль алкактары), аска-зоокалуу, кардуу алкак. Өлкөнүн аймагы б-ча темп-ранын ж-а нымдуулуктун зор айырмачылыгы мүнөздүү. Аба массаларынын циркуляциясы негизинен *ички тропиктик конвергенция зонасынын* жайгашуусуна байланыштуу. Жайында ал өлкөнүн түн. аймагында, кышында түштүгүндө жайгашат. К-нын түн. бөлүгүнө бир кургакчыл, бир нымдуу сезон мүнөздүү. Борб. ж-а түш. аймактарында андай сезондор экиден болот. Колумбия Анд тоолору нымдуу тынч океан ж-а амазонка аба массаларынын жолуна тоскоол болуп турат. Тьерра кальенте өлкөнүн аймагынын 85%ин (1000 *м* бийиктикке чейин) ээлеп, Колумбия Анд тоолорунун этек бөлүктөрүн, Тынч океандын жээк түздүктөрүн, Амазонка ойдуну, Льянос-Оринокону, Магдалена өрөөнүнүн басымдуу ж-а Каука д-нын өрөөнүнүн бир аз бөлүктөрүн камтыйт. Абанын жылдык орт. темпрасы 24–28°С. Темп-ра сутка ичинде анча көп өзгөрбөйт. Тынч океандын жээк түздүктөрү – Жер шарындагы эң нымдуу жерлердин бири, анда жаан-чачындын көп жылдык орт. өлчөмү 9000 *ммге* жетет (Чоко департаментинде); Тутунендо метеорол. станциясында 11 700 *мм* жаагандыгы катталган. Амазонка ойдунунун батышында 5000 *ммден* чыгышында 2000 *ммге* чейин азаят. Кариб деңизинин жээгинде ж-а Льянос-Оринокодо пассатка байланыштуу кургакчыл ж-а нымдуу сезондор даана байкалат. Нымдуу сезондо (май, октябрь) алаамат ташкындоо болуп турат. К-нын эң кургакчыл жери – Гуахира ж. а. (мында жаан-чачын 300 *ммден* аз түшөт). Тьерра темплада (өлкөнүн аймагынын 8%и) Колумбия Анд тоолорунун, о. эле Магдалена, Каука өрөөндөрүнүн капталдарын (1000–2000 *м* бийиктиктерди) камтыйт. Абанын жылдык орт. темп-расы 17–24°С, темп-ранын жылдык амплитудасы 2°Сден ашпайт. Жаан-чачындын жылдык өлчөмү 1500–3000 *мм*, узакка созулган ак жаан болуп турат. Абанын нымдуулугу дайыма жогору. Тьерра фриа (6%) 2000–3000 *м* бийиктиктерде жайгашкан аймактарга мүнөздүү. Бул алкакка (тоо аралык плато, ойдундарга) «түбөлүк жаз» климаты мүнөздүү; абанын жылдык орт. темп-расы 12–17°С, темп-ранын сутка ичиндеги амплитудасы 20°Сге чейин жетет, түн ичинде 0°Сден төмөн түшкөн учурлар да болот. Жаан-чачыны жыл ичинде жээк түздүктөрүнө караганда салыштырмалуу бир кылка жаайт; нымдуу эки (күзүндө ж-а жазында) ж-а кургакчыл эки сезон болот. Жылдык жаан-чачыны 1000–2000 *мм*; дээрлик туман басып турат. Тьерра элада 3000–4000 *м* бийиктикке мүнөздүү. Айлык орт. темп-расы 13–16°С, темп-ранын суткалык амплитудасы жогору. Андан жогору аска-зоокалар жайгашкан; кар чегинин орт. бийикт. 5000 *м*. К-нын дарыялары өтө жыш, негизинен жамгыр суусунан куралат; босоголуу. Негизги дарыялары: Магдалена (Каука м-н кошо), Атранто (Кариб деңизине куят); Ориноконун куймалары – Гуавьяре, Мета; Амазонканын куймалары – Путумайо ж-а Какета. Чыгыш Кордильерада ж-а түндүктөгү ойдундарда көлдөр көп. Жер астындагы суулларга да бай.

Эң нымдуу аймактары (Тынч океан жээгиндеги түздүктөр, Амазонка ойдуну ж. б.) ж-а тоо этектери – дайыма жашыл жыш токой – *гилея* же сельва (кызыл-сары латерит топурактуу), сезондуу нымдуу аймактары (Мета түздүктөрү) – кызыл топурактуу льянос саваннасы, а. и. саздуу (Кариб бою ойдуну) же жалбырагын күбүүчү дайыма жашыл (негизинен тоолордо; күрөңкызыл латериттешкен топурактуу), түн.-чыгыш чет жакасы ксерофилдүү бадалдар ж-а кактус м-н капталган. Анд тоолорунун нымдуу капталдарында бийиктик алкактуулук даана байкалат: тоо гилеясы (тропиктик туман токою) 3000–3200 *м* бийиктиктен жогору экватордук бийик тоо шалбаасы – парамос, 4700–4800 *м* бийиктикте кар зонасы м-н алмашат. Анддын

бөксө тоолорунун, ички капталдарынын ж-а өрөөндөрүнүн өсүмдүктөрү адам баласынын чарбалык аракетинен өтө өзгөрүп кеткен. Токоюнда маймыл көп, о. эле тапир, илендилер, ягуар, кумурскачылар, кескелдириктер – игуан ж. б. мекендейт; сууларында крокодил, балыктар – пиранья ж. б. бар.

К-да 41 улуттук парк, 9 фауна ж-а флора резерваты, 2 улуттук корук, 3 экол. корук бар. Жалпысынан өлкөнүн аймагынын 10%ке жакыны корголот. Эң ирилери: Амазонияда – Чирибикете (аянты 1,28 млн *га*), Рио-Пуре (1 млн *га*), Кауинари, Колумбия Анд тоолорунда – Эль-Кокуй, Кордильера-лос-Пикачос улуттук парктары. Лос-Катиос Улуттук паркы (Тынч океан жээгинин бир бөлүгү), Мальпело фауна ж-а флора резерваты (аты окшош аралды ж-а Тынч океандын аралды чулгаган акваториясын камтыйт) *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген.

Калкы. Басымдуу бөлүгү (94,6% и) испан тилинде сүйлөгөн – *колумбиялыктар;* анын 30% и актар, 51% и метистер, 10,6% и негрлер, 31% и самбо. Индейлер 3,4% ти түзөт, алардын көбү – аравиктер (0,4%), а. и. гуахиралар (0,3% тен ашык), паэс (0,3%), чако (0,2%), чибча, тукано, кечуа ж. б. 2007-ж. төрөлүү 1000 адамга 20,2, өлүм-житим 5,8 адам болгон. Өмүрдүн орт. узактыгы 72,3 жыл (эркектер – 68,4, аялдар – 76,3 жыл). Курактык түзүлүшүндө балдардын (15 жашка чейинки) үлүшү 29,8%, эмгекке жарамдуу курактагылар (15–65 жаш) 64,8%, 65тен ашкандар 5,4%. Калкынын орт. жыштыгы: 1 $км^2$ жерге 39 адам. Калкынын көбү өлкөнүн батыш (тоолуу) бөлүгүндө ж-а тоо аралык өрөөндөрүндө отурукташкан (бул аймактарда калктын орт. жыштыгы: 1 $км^2$де 100 адамдан ашат). Шаар калкы 73%ке жакын (негизинен калктын шаарларга көп көчүп келүүсүнөн көбөйгөн). Ири шаарлары: Богота (калкы 7137,8 мин; 2008), Медельин (2283,4 мин), Кали (2167,5 мин), Кукута (589,6 мин), Соледад (524,5 мин), Букараманга (516,9 мин), Ибаге (488,3 мин). Өтө жакыр жашагандар К-нын калкынын 49,2% ин түзөт (2005). Өлкөнүн калкынын 90% и – католиктер; 3–13,5% и – протестанттар.

Тарыхы. Археол. табылгалар К. аймагында адам соңку плейстоценден (мындан 12–11 мин жыл мурда) баштап жашаганын далилдейт. Бул мезгилге таандык сөөк, таш куралдар Сабанаде-Богота бөксө тоосундагы байыркы турак жайлардан табылган. Батыш К-да мындан 7–6 миң жыл мурда дыйканчылык пайда болгон. Б. з. ч. 4–2-миң жылдыктарда К-нын Кариб деңиз жээгинде шакек сымал кыштактар (Монсу, Пуэрто-Ормига ж. б.) болгон. Ал жерден геом. оймочийме түшүрүлгөн карапа, таш куралдары табылган. К. аймагын байыртадан индейлер (16-к-дын башында индейлердин саны 2 млндой болгон) мекендеген. 15–16-к-да К-ны испандар каратып, аны Жаңы Гранада деп атаган. Анын губернатору болуп Хименес де Кесада дайындалган. Жаңы Гранада 1549-ж. аудиенция, 1564-ж. Перу вице-королдугунун курамында пресиденсия статусуна ээ болгон. 1717-ж. вице-королдукка айланып, курамына Эквадор, Венесуэла ж-а Панаманын азыркы аймактары кирген. Жаңы Гранаданын экон. өсүшүнүн негизги формасы энкомьенда болгон. Жээк секторларында плантациялык чарба (кофе, банан, бал камыш өстүрүлгөн), борбордо ж-а чыгыш райондорунда зымырат, алтын, күмүш кендери иштетилген. 17-к-дын аягында колониялаштыруудан индейлердин саны азайып, Африкадан кул негрлерди алып келе башташкан. Элдин көпчүлүгүн креолдор түзгөн. 18-к-дын аягында Жаңы Гранада м-н *метрополия* ортосундагы мамиле курчуй баштаган. Испан бийлигинин экон. саясаты элдин нааразылыгын туудурган. 1810-ж. 20-июлда испан үстөмдүгүнө каршы көтөрүлүш чыгып, ал Латын Америкасындагы көз карандысыздык үчүн согуштун негизги бөлүгүнө айланган. Көтөрүлүшчүлөр вице-королду кетирип, рев-ялык хунта деп аталган өз өкмөтүн түзүшкөн. 1811-ж. ноябрда Жаңы Гранада Кошмо провинциялар конфедерациясын түзүү ж-дө актыга кол коюлган. Мамл. түзүлүш формасы (унитардык же федералдык республика) ж-дө маселени талкуулоодо пикир келишпестиктер пайда болуп, федералисттер м-н централисттердин ортосунда күрөш күч алган. Провинцияларда ж-а шаарларда көз карандысыз башкаруу органдары (хунталар) түзүлүп, өздөрүнүн эгемендигин жарыялашкан.

1812–13-ж. С. *Боливар* жетектеген күчтөр Жаңы Гранаданын көз карандысыздыгы үчүн болгон күрөшкө катышкан. Жаңы Гранада м-н Венесуэла патриотторунун биргелешкен күчтөрү испан аскерлерин талкалап, 1819-ж. 17-декабрда Ангостура (азыркы Сьюдад-Боливар, Венесуэла) ш-нда Улуу Колумбия федерациялык респ. (курамында Жаңы Гранада ж-а Венесуэла) түзүлгөн. С. Боливар Улуу Колумбия президенти, Ф. де Паула Сантандер вице-президенти болуп дайындалган. Экон. ж-а саясий байланыштар болбогондуктан, 1830-ж. Улуу Колумбия өз алдынча мамлекеттерге (Венесуэла, Эквадор, Жаңы Гранада) бөлүнүп кеткен. 1832-ж. Жаңы Гранада (курамына Панаманын азыркы аймагы кирген) конституция кабыл алып, президенттикке Ф. де Паула Сантандер шайланган. 1830-жылдары Жаңы Гранадада эки ири партия (консервативдик ж-а либералдык) түзүлгөн. Консерваторлор (боливарчылар) католик чиркөөсү м-н союздаш, борбордошкон күчтүү мамлекет түзүүнү максат кылса, либералдар (сантандерчилер) федерализм принциптерин ж-а жалпыга бирдей шайлоо укугун жакташкан. 1845-ж. консервативдик партиянын окүлү генерал Т. С. де Москера-и-Арболеда өлкөнүн президенти болгондон кийин экон. реформаларды жүргүзгөн. 1851-ж. Жаңы Гранадада кул сатуу жоюлган. 1863-ж. мамл. түзүлүштүн федерациялык бийликтин формасын бекемдеген конституция кабыл алынган. Чиркөө мамлекеттен бөлүнгөн, респ. Колумбия Кошмо Штаты деп аталган. Президент Р. Нуньес Моледонун убагында (1880–94; үзгүлтүк м-н) К-да мамл. түзүлүштүн унитардык системасын бекемдеген жаңы конституция кабыл алынган (1886). Мамлекет Колумбия Республикасы деп аталган. 1890-жылдары Р. Нуньес Моледо өлгөндөн кийин бийликте калган консерваторлор м-н либералдардын ортосундагы каршылашуудан чыккан «миң күндүк» жаран-

КОЛУМБИЯ



дык согушта (1899–1902) 100 миңден ашык колумбиялыктар өлгөн. 19-к-дын 2-жарымында Панама мойногунда океан аралык канал куруу долбооруна байланыштуу К-га таасирин күчөтүү үчүн Улуу Британия м-н АКШнын ортосунда күрөш курчуган. АКШ каналга ээ болуу максатында Панама департаментин К-дан бөлүүгө аракет жасаган. Натыйжада 1903-ж. ноябрда АКШнын колдоосу м-н Панама К-дан бөлүнүп, өз алдынча Панама мамлекети түзүлгөн. 20-к-дын башында К-нын экономикасы бир кыйла өнүгүүгө (т. ж. салынып, кен иштетилген, текстиль ө. ж-лары курулуп, кофе, банан плантациялары кеңейтилген ж. б.) жетишкен. 1-дүйнөлүк согуш жылдарында АКШ К. экономикасынын маанилүү тармактарынан британ капиталын четтеткен. К-нын киреше бере турган ири аймактары амер. компаниялардын колуна өткөн. Чет элдик капиталдын басымдуулугу улуттук буржуазия ж-а жумушчулар кыймылынын нааразылыгын туудурган. 1919-ж. Колумбия Социалисттик партиясы, 1926-ж. Боготада түзүлгөн Рев-ялык-соц. партиянын базасында 1930-ж. Колумбия Коммунисттик партиясы түзүлгөн. 1934-ж. солчул либералдар өкүлү А. Лопес Пумарехо К-нын президенти болуп шайланып, 1886-жылдагы конституцияны кайра карап чыгып, жумушчуларга иш таштоо укугун берүү, 8 сааттык иш күнүн киргизүү, жыл сайын эмгек өргүүсүнө, оору же жумушсуздук б-ча жөлөкпул төлөө, профсоюз түзүү ж. б. толуктоолорду киргизген. Өндүрүштү жөнгө салуу ж-а ө. ж-ды өнүктүрүү максаты м-н өлкөнүн экономикасын көзөмөлдөө үчүн өкмөткө укук берилген. Боготада ун-ттик шаарча курулуп, билим берүү мамлекеттин көзөмөлүнө өткөн. 1938-ж. өлкөдөгү жүргүзүлгөн радикалдуу реформалар консерватордук оппозициянын нааразылыктарын пайда кылып, А. Лопес Пумарехо отставкага кетүүгө аргасыз болгон. Өлкөнүн президенттигине оңчул либерал Э. Сантос Монтехо шайланып, прогрессивдүү кайра түзүүлөрдү токтоткон. К-нын АКШга экон. ж-а саясий көз карандылыгы күчөгөн. 1942-ж. А. Лопес Пумарехо президенттик шайлоодо кайрадан жеңишке ээ болгон. 1943-ж. ноябрда анын өкмөтү Германияга согуш жарыялаган. К. согуштук аракеттерге катышкан эмес, бирок *антигитлердик коалиция* мамлекеттерине жардам (сырьё ж-а азык-түлүк) берген. 2-дүйнөлүк согуш учурунда өлкөнүн экономикасы жогорулаган. 1946-ж. президенттик шайлоодо Консерватордук партиянын өкүлү М. Оспина Перес жеңип чыгып, бийликке келген консерваторлор демокр. күчтөргө каршы террор компаниясын уюштурушкан. Буга жооп катары Либералдар партиясы өкмөт ж-а парламенттен өз өкүлдөрүн чакырып алган. Өлкөдө башталган иш таштоолор, жалпы стачкага айланган. Оппозициянын башчысы Х. Э. Гайтандын өлтүрүлүшү элдик көтөрүлүшкө алып келип, ал жарандык согушка айланган. 1957-ж. консервативдик ж-а либералдык партиялар Улуттук фронт [illegible]алициясын түзүү ж-дө өз ара макулдашкан. А[illegible] 1958-жылдан бул партиялардын өлкөнү 16 [illegible] тең укукта башкаруусу каралган. 1960-ж[illegible]ардын башынан тартып, Улуттук фронт са[illegible]ты бардык коомдук турмушту кучагына ал[illegible]терең кризиске учураган. Баңги зат өндүр[illegible]күч алган. 1974-ж. паритеттик башкаруу м[illegible]өтү аяктаган. Өлкөгө жаңы президент либерал А. Лопес Микельсен шайланып, анын экономиканы көтөрүүгө ж-а чет элдик капиталга көз каранды болбоого жасаган аракеттери өлкөдөгү саясий кырдаалды жакшырта алган эмес. 1970-жылдары К-да жаңы партизандык уюмдар пайда болгон. 1978-ж. президенттикке шайланган либералдык партиянын өкүлү Х. С. Турбай Аяланын учурунда К-нын экономикасы өнүккөн, бирок ал инфляция ж-а элдин турмуш деңгээлинин төмөндөшү, жарандык согуштун күчөшү м-н коштолгон. 1980-жылдары К-да ири наркокартелдер (а. и. Медельин ж-а Кали) түзүлүп, өлкөнүн саясатына ж-а экономикасына тескери таасирин тийгизип, куралдуу отряддарды каржылап турушкан. 2002-ж. оңчул либерал өкүлү А. Урибе Велес К-нын президенти болуп шайланган (2006-ж. экинчи мөөнөткө кайра шайланган). Анын өкмөтү АКШнын колдоосу астында наркобизнеске каршы күрөшүүдө. 2004-жылдан Патриот планын (көтөрүлүшчүлөр кыймылынын иш-аракеттерин токтотуу, Эквадор аймагында партизандык базаларды жок кылуу ж. б.) ишке ашырууда. 2008-ж. колумбиялык аскер кызматкерлери (14 адам, а. и. өлкөнүн президенттигине кандидат болгон И. Бетанкур да бар) туткундан бошотулган. Өлкөнүн ички саясий абалын тынчтык жол м-н жөнгө салууга аракеттенүүдө. Тышкы саясатта К-нын башкы партнёру – АКШ, о. эле Европа ж-а Азия-Тынч океан регионундагы мамлекеттер м-н мамилеси бекемделүүдө.

Чарбасы. К. – Латын Америкасындагы туруктуу өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн бири. ИДПнин жалпы көлөмү (2007-ж. 319,5 млрд доллар) б-ча Латын Америкасында Бразилия, Мексика, Аргентина ж-а Венесуэладан кийинки 5-орунду ээлейт. Аны киши башына бөлүштүргөндө 6,7 миң доллардан туура келет. Адамзат өнүгүүсүнүн индекси 0,791 (дүйнөдөгү 177 өлкөнүн ичинен 75-орунду ээлейт; 2005).

Өлкөнүн экономикасынын туруктуу өнүгүүсүнө 1990-ж. жүргүзүлгөн экон. реформа – адм., салык, банк, менчиктештирүү чаралары, о. эле чет элдик инвестицияны тартуу, сырткы сооданы либералдаштыруу, региондогу өлкөлөр м-н экон. интеграцияны тереңдетүү б-ча мамл. саясат түрткү болгон. К-да ондогон эркин экон. зона

(а. и. өндүрүштүк ж-а ил.-тех., туристтик ж. б.) түзүлгөн. Экон. өнүгүүсү импорттоо моделинен экспорттоо багытына өтө баштаган. К-да жүргүзүлгөн экон. реформа «калтааруу терапиясын» киргизбегендиги, прагматизм ж-а консерватизм м-н мүнөздөлгөн, натыйжада региондогу башка өлкөлөрдүн [illegible]бүнөн өзгөчөлөнүп, К-нын экономикасында [illegible]скин төмөндөөлөр болгон эмес. 21-к-дын ба[illegible]алышында өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө [illegible]ун-энергетика ресурстарынын (нефть, газ, [illegible] көмүр, гидроэнергия) ж-а кендин (никель, [illegible]тын, платина ж. б.) молдугу, о. эле жуму[illegible] күчүнүн арзандыгы өбөлгө түзгөн. К. 2006-[illegible] экон. өсүүнүн темпи б-ча (6,8%) Латын Амер[illegible]касында Венесуэла, Аргентина, Уругвайдан кийинки 4-орунду ээлеген. Эң жогорку темп – курулушта (14,4%), иштеп чыгаруу ө. ж-нда (10,8%) ж-а соодада (10,7%) байкалган.

Экон. өнүгүүсүндөгү азыркы негизги проблемалар – түшкөн кирешенин бирдей бөлүнбөшү (өлкөнүн калкынын 10%ин түзгөн эң жакырларга кирешенин 7,9%и, ал эми 10%ин түзгөн бай адамдарга кирешенин 34,3%и бөлүнгөн), калктын басымдуу бөлүгүнүн жакырдыгы ж-а анын негизинде пайда болгон баңги зат өндүрүшү (эл аралык экон. ин-ттардын эсеби б-ча баңги бизнес чөйрөсүндө өлкөнүн ИДПсинин $^1/_2$ге жакыны өндүрүлөт).

ИДПнин структурасында 52,4%ти тейлөө чөйрөсү, 35,6%ти ө. ж., 12%ти а. ч., токой чарбасы ж-а балык кармоо түзөт. Чарбалык жактан тоо аралык Магдалена, Каука өрөөндөрү ж-а аларды чектеп турган Борб. ж-а Чыгыш Кордильера тоолорунун капталдары, о. эле Кариб деңизинин жээктери жакшы өздөштүрүлгөн, ал эми Тынч океандын жээктери, түздүктүү чыгыш ж-а түш.-чыгыш бөлүктөрү (Амазония, Льянос) анча өздөштүрүлгөн эмес.

К. – индустриялык өнүгүү темпи (9,4%; 2007) б-ча Латын Америкасында Чили, Панамадан кийинки 3-орунда. Жеңил (кездеме, кийим ж-а бут кийим чыгаруу), тамак-аш, отун (нефть өндүрүү ж-а ылгоо, газ өндүрүү, таш көмүр казып алуу) ж-а химия ө. ж. өнүккөн. Ал эми машина куруу, кара ж-а түстүү металлургия, курулуш материалдар (цемент), токой ж-а жыгач иштетүү ө. ж. экинчи мааниде. 2006-ж. 25,6 млн *т* нефть өндүрүлгөн. Нефть өндүрүлгөн негизги аймактары (50дөн ашык кени пайдаланылат): Магдалена д-нын өрөөнү, Кариб деңизинин жээги, өлкөнүн түн.-чыгышы ж-а түш.-батышы. Өндүрүлгөн нефтинин 57%и өлкө ичинде керектелет, 43%и экспортко (анын 80%и АКШга) чыгарылат. Табигый газ (6,4 млрд $м^3$; 2006) адатта нефть м-н кошо өндүрүлүп (негизинен Гуахира департаментинде), дээрлик бардыгы өлкө ичинде пайдаланылат. Нефть ылгоочу негизги борборлору – Барранкилья ж-а Карта-



Барранкильядагы нефть-химия комплекси.

хена. К-да таш көмүрдүн ири запасы бар. Казып алынган көмүрдүн өлчөмү (65,5 млн *т*) б-ча дүйнөдө 10-, Латын Америкасында 1-орунду ээлейт. Электр станцияларынын аныкталган кубаттуулугу 13,3 миң *МВт* (2006). 2006-ж. 50,47 млрд *кВт·с* электр энергиясы өндүрүлгөн; анын 75%тейи ГЭСке таандык. 2006-ж. 644 миң *т* темир кенташ казылып алынып, 1,22 млн *т* болот өндүрүлгөн. Никель кенташынын запасы б-ча региондо Куба ж-а Доминика Респ-нан кийинки 3-орунду, ал эми никель кенташын казып алуу ж-а ферроникель эриндисин өндүрүү (52,7 миң *т*; 2007) б-ча дүйнөдө Япониядан кийинки 2-орунду ээлейт. О. эле жез, цинк, коргошун өндүрүлөт. К-нын аймагынан эзелтен эле алтын, күмүш, платина казылып алынган. Алтын казып алуу (2006-ж. 15,68 *т*; Латын Америкасыныкынын 8%и, дүйнөлүк алтындын 1%и) б-ча Перу, Бразилия, Чилиден кийинки 4-орунда турат. 18-к-да Антьокия кенинен дүйнөлүк алтындын 40%ке жакыны казылып алынган К. зымырыт (изумруд) казып алуу б-ча дүйнөдө алдынкы орундардын бирин ээлейт; анын 90%и (5,73 млн *кар*) экспортко чыгарылат (дүйнөлүк экспорттун жарымына жакыны).

К-нын машина куруу ө. ж. өнүгүү деңгээли б-ча региондо Бразилия, Мексика, Аргентина ж-а Венесуэладан кийин турат. Электр-тех. (тиричилик электр приборлорун чыгарууну кошо), автомобиль, а. ч. машиналарын куруу (трактор ж. б. а. ч. техникасы), жыгач иштетүү, жеңил ж-а тамак-аш ө. ж. тармактары үчүн жабдууларды чыгаруунун, кеме ремонттоочу ж-а куруучу ө. ж-нын мааниси зор. Машина куруу ө. ж-нын ири борборлору: Богота, Медельин, Барранкилья, Кили, Пальмира. Химия ө. ж. – орг. синтез продукцияларын (орг. кислота, спирт, альдегид, кетон, фенол ж. б.), полимер материалдарын (синтездик чайыр, пластмасса, хим. була, синтездик каучук ж-а резина), синтездик боёк ж. б. чыгарат; о. эле таза күкүрт, таш туз ж-а деңиз тузу өндүрүлөт. Жыгач (а. и. баалуу дарактар – каоба, махагони, окатеа, хинна дарагы ж. б.) Тынч океандын жээгиндеги токойлордон даярдалат; Амазонияда да жыгач даярдоо ылдам өнүгүүдө. Цемент өндүрүшү (9,96 млн *т*) б-ча Латын Америкасында Мексика, Бра-

зилия ж-а Венесуэладан кийинки 4-орунду ээлейт.

Женил ө. ж. К-ныи ички муктаждыгын толук камсыз кылат. Текстиль (айрыкча кебез-кездеме, о. эле кылторко), тигүү, трикотаж, булгаары бут кийим ө. ж. өнүккөн. Тамак-аш ө. ж. – кант, кофе, какао, эт, тамеки ж. б. чыгарат.

А. ч-га жарактуу жеринин жалпы аянты 42,56 млн *га*, а. и. айдоо жери 2 млн *га* (анын 0,58 млн *га*сы жүгөрү, 0,44 млн *га*сы шалы), көп жылдык өсүмдүктөрү 1,61 млн *га*, калганы шалбаа ж-а жайыт. Негизги иштетилүүчү жерлери (сугат жери 0,9 млн *га*) Чыгыш, Борб. ж-а Батыш Кордильеранын тоо аралык өрөөндөрү ж-а Кариб денизинин жээктери же Башкы тармагы – өсүмдүк өстүрүүчүлүк (а. ч. продукциясынын наркынын 58%и); анын кыйла болүгү экспортко багытталган. Экспорттук маанилүү өсүмдүктөрү: кофе, бал камыш, гүл, банан. К. кофени жыйноо (дүйнөлүк жыйымдын 10%ке жакыны) ж-а экспорттоо (дүйнөлүк экспорттун 12%тейи) б-ча дүйнөдө Бразилия, Вьетнамдан



Кандиодогу кофе плантациясы.

кийинки 3-орунда. Кофе өндүрүшү а. ч. дүн продукция наркынын 12,4%ин түзүп, анда 513 миң фермер чарбасы иштейт. Кофе плантациясынын жалпы аянты 874 миң *га* чамасында. Кофенин 95%и экспортко чыгарылат; анын негизги кардарлары: АКШ, Япония, Германия, Бельгия, Канада. Жыл сайын 22 млн *т* бал камыш (жашыл масса) даярдалып, 2,4 млн *т* кант өндүрүлөт. Гүл өстүрүү экспортко багытталган; К. үзүлгөн гүлдү даярдоо б-ча дүйнөдөгү алдыңкы өлкөлөрдүн бири (238,6 миң *т*, 2007); негизинен – атыр гүл, чеге гүл, хризантема, алстромерия өстүрүлөт. Гүл плантациясынын жалпы аянты 7,3 миң *га* чамасында. Аны экспорттоо б-ча дүйнөдө Нидерланддан кийинки 2-өлкө. Гүл сатып алуучу негизги өлкөлөр: АКШ (80%и), Россия, Улуу Британия, Канада, Япония, Германия. Банан да маанилүү экспорттук продукцияга кирет; банан өндүрүшү (2007-ж. 1,54 миң *т*) б-ча дүйнөдөгү алдыңкы 10 өлкөгө кирет; Латын Америкасында Бразилия, Эквадор, Коста-Рика, Мексикадан кийинки 5-орунда. Банандын 98%и (жылына 1,5 млн *т*) экспортко чыгарылат. Өлкөнүн негизги азык-түлүгү – күрүч, жүгөрү, тоо буурчак, тамыры азык өсүмдүктөр (айрыкча кассава, юкка), жашылча, о. эле май пальмасы, пахта, соя, кунжут, тамеки, о. эле мөмө-жемиш (шабдаалы, орук, к[illegible]алы, алмурут, алма), манго, цитрус ж. б. т[illegible]ик өсүмдүктөрү өстүрүлөт.

Мал чарбасы ички муктаждыкт[illegible]ана канааттандырат. 2004-ж. 24,95 млн ба[illegible] кара мал, 2,15 млн баш кой, 1,25 млн баш ч[illegible]ко, 1,2 млн баш эчки болгон; мал көптүгүнө карабай, анын продукциясынын өлчөмү чектелүү. Балык да кармалат.

К. адатта «наркобарондордун чордону» делет: кокаинди зор өлчөмдө өндүрүүчү ж-а экспорттоочу дүйнөдөгү өлкө. Дээрлик бардык жеринде курамында наркотика бар өсүмдүктөр (кока бадалы, кара куурай, апийим), мыйзамсыз өстүрүлөт. Мындай жерлерге АКШ м-н бирдиктеги «Колумбия планын» жүзөгө ашырууда абадан уулуу химикаттарды чачышат.

Транспорту. Транспорттун негизги түрү автомобиль жолу (ага ички жүргүнчү ташуунун 95%и, жүк ташуунун 66%тен ашыгы, сырткы жүргүнчү ташуунун 6%и туура келет). Жалпы уз. 164,5 миң *км*. Негизги автомобиль жолдору: Богота – Хирардот – Ибаге – Фресно – Богота; Богота – Тунха – Букараманга – Санта-Марта – Барранкилья – Картахена; Букараманга – Кукута (Венесуэла м-н чек ара), Ипьялес (Эквадор м-н чек ара) – Пасто – Попаян – Кали – Бугалагранде – Ансерма – Медельин – Картахена ж. б. Панамерика шоссесинин (ал Каука д-нын өрөөнү м-н Медельин, Кали ш. аркылуу отот) маанизи зор. Т. ж. транспорту ички жүктүн (негизинен минералдык сырьё ж-а а. ч. продукциясы) 30%тен ашыгын ташыйт. Т. ж-нун жалпы уз. 2,14 миң *км*. Дарыя транспорту ички жүктүн 2,6%ин, жүргүнчүлөрдүн 5%ке жакынын ташыйт. Өлкөнүн жетүүгө татаал айрым жерлерине жүк ташууда дарыя бирден-бир негизги жол болуп саналат. Ички суу жолунун пайдаланылган жалпы уз. 18,2 миң *км*. Эң маанилүү суу жолу – Магдалена д. (1100 *км* аралыкка кеме каттайт), анда дарыя транспортундагы жүктүн 55%ке жакыны, жүргүнчүнүн 40%тен ашыгы ташылат. О. эле Каука, Путамайо, Какета, Атранто, Сан-Хуан, Патия, Сину, Мета, Гуавьяре ж. б. дарыялары б-ча да кеме каттайт. Деңиз транспорту негизинен сырткы соода жүктөрүн ташыйт. Ири порттору: Кариб деңизинде – Барранкилья, Картахена, Санта-Марта, Тынч океандын жээгинде – Буэнавентура. Нефть ж-а нефть продукту куурларынын жалпы уз. 8,5 миң *км*, газ куурунуку 4,4 миң *км*. Өлкөдө жалпы 934 аэропорт бар; ирилери – Богота, Медельин, Барранкилья ж-а Кали ш-нда.

Негизги экспорттук товарлары: нефть ж-а





Колумбия акчасы

нефть продуктулары, көмүр, кофе, ферроникель, гүл, банан, (изумруд) зымырыт, о. эле күндө керектелүүчү товарлар (кийим, текстиль, бут кийим, самын ж. б. косметика каражаттары), машина ж-а жабдуулар, химия, металлургия ө. ж. продукциялары; автомобиль куруу продукцияларын, алтын, пальма майын, кондитер продуктуларын экспорттоо тез темп м-н өсүүдө. Негизги кардарлары: АКШ, Венесуэла, Европа союзуна кирген өлкөлөр, Кытай, Мексика, Бразилия, Россия. Импортунда металлдан жасалган буюмдар, ө. ж. жабдуулары, дан эгин (буудай, жүгөрү), мал чарбасы үчүн тоют, хим. продукция, автомобиль, электр-жабдуулары, компьютер ж. б. техника, керектелүүчү товарлар басымдуу. Аларды негизинен АКШ, Кытай, Мексика, Бразилиядан алат.

Маданияты. К-да билим берүүгө жалпы жетекчиликти Улуттук билим берүү министрлиги жүзөгө ашырат. Жогорку мамл. билим ж-дө мыйзам (1992-, 1999-, 2000-ж. түзөтүүлөр киргизилген), Билим берүү ж-дө жалпы (1994) мыйзам (1994), Этностук топторго билим берүү ж-дө декрет (1995), Мектепке чейинки билим ж-дө (1997), Жогорку тех. билим ж-дө (1997) ж. б. мыйзамдар м-н жөнгө салынат. К. билим берүү системасы мектепке чейинки тарбияны (4–5 жаш) ж-а 10 жылдык (айылдарда 5 жылдык) милдеттүү окутууну (5–15 жаш) камтыйт. 15–16 жашта 2 жылдык акад. же кесиптик-тех. билим алышат. ЖОЖдору мамл. ж-а менчик. Калктын сабаттуулугу 15 жаштан жогору 92,8%ти түзөт (2005). Башкы ун-ттери, ил. мекемелери, китепканалары ж-а музейлери Богота, Ибага, Картахена, Медельин ш-нда, а. и. Колумбия Улуттук ун-ти (1867). Мамл. ири ЖОЖдор: Попаяндагы Каука (1827), Пастодогу Нариньо (1827), Барранкильядагы Атлантико (1941) ун-ттери ж. б. Консерваториялары Ибага, Барранкилья, Попаян ж-а Санта-Мартада. Мамл. эмес ЖОЖдор Букараманги автономиялык (1952), Манисалестеги католик (1954), Барранкильядагы Түн. ун-ттери (1966) ж. б. Ил.-из. иштерин көптөгөн ил. мекемелери жүзөгө ашырат. Тарыхый ж-а диний иск-во музейлери иштейт.

Улуттук ири басылмалары: жумасына чыгуучу «El Espectador» (1887), «El Tiempo» (1911), «El Nuevo Siglo» (1936), «la Republica» (1954), күнүнө чыгуучу региондук «El Pais» (1950), «El Pueblo» (1972), «El Heraldo» (1933), «El Colombiano» (1912) ж. б. гезиттер. 1924-жылдан радио уктуруу, 1954-жылдан телекөрсөтүү иштейт. Мамл. көз карандысыз теле ж-а радиокомпаниялары бар. Маалымат агенттиги – Colpzensa (1980).

К-ныи ад-ты испан тилинде өнүгүүдө. Индей урууларынын мад-тын (а. и. фольклорун) испан колониячылары 16-к-да бүлүнткөн. 17-к-да биринчи драматургиялык чыгармалар, 18-к-да испан үлгүсүндөгү тарыхый-турмуштук хроникалар (Х. Родригес Фрейле) ж-а поэзия (Х. де Кастельянос) пайда болгон. 18-к-дын аягы – 19-к-дын башында агартуучулук багыт классицизмге ыктаган (А. Нариньо), чеченлик өнөр (С. Боливар, Ф. А. Сеа ж. б.), патриоттук поэзия, (Х. М. Саласар, Х. Фернандес Мадрид ж. б.) өнүккөн. 1830–1900-жылдары романтизмдин гүлдөгөн мезгили болгон, тарыхый романдар жаралган. Х. М. Маррокин, Т. Карраскильяныи чыг-лыгында реалисттик ж-а натуралисттик тенденциялар байкалат. К. ад-тындагы костумбристтик прозанын ж-а поэзиянын өкүлдөрү чыгармаларында элдин жашоо-тиричилигин чагылдырышкан. 20-к-дын башында модернисттик лирика, кийинчерээк авангардизм, психол. роман, сюрреализм өкүм сүргөн (Х. Э. Ривера, С. Урибе). Реалисттер социалдык тематикага кайрылышкан. 20-к-дын 2-жарымында магиялык реализмдин өкүлү Г. *Гарсиа Маркес* бүт дүйнө белгилүү болгон.

К. аймагындагы байыркы сүрөт өнөр эстеликтери (карапа, сүрөт түшүрүлгөн алтын буюмдар) б. з. ч. 1-миң жылдыкка (Томака ж-а Илама мад-ттары) таандык. Б. з. 1-миң жылдыгынын аягы – 2-миң жылдыгынын башындагы Сан-Агустин мад-тына (жаныбарлар м-н кишилердин сүрөттөрү тартылган рельефтер, таш статуялар, дубалга түшүрүлгөн оймо-чийме сүрөттөр ж. б.) болжол м-н 6–10-к-дагы Тьеррадентро (Каука департаменти) комплексинин иск-восу (склептер ж-а аларга алып барчу тепкичтүү таш жолдор, оймо-чиймелер м-н кооздолгон жайлары) жакын. Муиск мад-тына (Сабана-де-Богота платосу) тумбагадан жасалган (жез м-н алтын-

дын куймасы) идолдор (тунхо) ж. б. таандык. Испандар келгенге чейинки К. иск-восу Эквадор, Перу иск-восуна тектеш, б. з. 2-миң жылдыгынын аягында колумбиялык Амазония маданынын таасири тийген. Испан каратууларынын мезгилинде индей кыш-нын ордуна испан тибиндеги арх-ралык курулуштар тургузулуп, чиркөө иск-восу (Монгидеги ж. б. чиркөөлөр) өнүккөн. Латын Америкасынын башка өлкөлөрүнө караганда К-да классицизм көбүрөөк өнүккөн (Боготанын борб. аянтындагы 16–19-к-га таандык курулуштар: собор, архиепископ хан сарайы, Капитолий ж. б.).

Байыркы индей иск-восунун салттары европ. таасир м-н ширелишип, индей чеберлеринин чыгармаларында сакталган. К-да эң маанилүү живопись мектеби калыптанган. 16-к-да испаниялык, итал. чеберлер иштеген. К. живописи 17-к-дын 2-жарымынан Ф. Сурбаран ж-а Б. Э. Мурильонун таасиринде өнүккөн. Живописчи Г. Васкес (17-к.) реалисттик портреттерди, пейзаждарды, диний ж-а жанрдык сүрөттөрдү тарткан. Көз карандысыздык жарыялангандан кийин К. иск-восунда улуттук стиль калыптанган. 1886-ж. Боготада Улуттук иск-во мектеби ачылган. 20-к-да сүрөт өнөрүндө костумбризм өнүгүп, модернизм м-н авангардизм (А. Обрегон, Э. Рамире Вальямисар) реалисттик салтта өнүккөн агымдар м-н канатташ өкүм сүргөн. 20-к-да К. скульпторлору (скульптор Р. Росо) индейлердин салттарына кайрылышкан. 20-к-дын 2-жарымында К. иск-восуна абстракционизм агымы (живописчилер М. Оспина ж-а Г. Видеманн, скульптор Э. Негре) таасирин тийгизген. 19–20-к-да К. арх-расында АКШ ж-а европ. өлкөлөрдүн арх-расынын таасири м-н К-да неоготика (Ипьялестеги Лас-Лахас чиркөөсү, 1916–49), кийин модерн кеңири тараган. 2-дүйнөлүк согуштан кийин функционализм (Х. Л. Серт ж-а Ле Корбюзье) өнүккөн.

К-нын музыка өнөрү креол, индей ж-а африкалык муз. салттардын айкалышынан жаралган. 1847-ж. К-да биринчи симф. оркестр м-н Боготада Филармониялык коом түзүлүп, «Эсфирь» аттуу биринчи колумбиялык опера жазылган (автору Х. М. Понсе де Леон). 1887-ж. итал. эмигрант О. Синдичи улуттук гимндин «Өчпөс данк» музыкасын жазган. Белгилүү композиторлор: Г. Фернандес Идальго, Х. Де Херрера (16–18-к.), Г. Урибе Ольгин, Л. А. Эскобар, Х. Росо Контрерас, Б. Э. Атеортуа, Ж. Нова (20-к.), музыка таануучу: Х. И. Педромо Эскобар. 1936-ж. Боготада дирижёр Г. Эспиноса Грау Улуттук симфониялык оркестрди (1952-жылдан Колумбиянын симф. оркестри) негиздеген. К-нын ири муз. окуу жайы – Боготадагы Улуттук консерватория (1882; 1909-жылга чейин Улуттук муз. академия).

К-да театр иск-восу 16-к-да пайда болгон. 1790-ж. Кали ш-нда алгачкы улуттук трагедиясы «Ракель» (автору белгисиз) көрүүчүлөргө тартууланган. 1792-ж. Боготада (Санта-Фе) биринчи «Колисео» театры курулган. [illegible]-к-да Ф. Фернандес де Валенсуэла ж-а Х. д[illegible] Суэто-и-Мена ж. б. драматургдардын чыгармал[illegible]рында улуттук салттар пайда болгон. 19-[illegible]н ортосунда Л. М. Льерас европ. авторлор[illegible] пьесаларын которуп, Боготада өз театрын [illegible]ш, анын алдында актёрдук чеберчилик [illegible]рканасын – өлкөнүн биринчи театр мектебин [illegible]лгон. Романтикалык маанайдагы (Х. М. Вер[illegible]сара-и-Вергара, С. Перес ж. б.), детектив жанрындагы («Париж полициясы», 1882) алгачкы чыгармалар жаралган. 1877-ж. К-да биринчи курчак театры түзүлгөн. 19-к-дын ортосунда драматургияда костумбризм (Х. Т. Сампер, Х. М. Маррокин ж. б.) алдыңкы орунду ээлеген. 20-к-дын ортосунда К. театры төмөндөй баштаган. Театрдын кийинки жылдардагы өнүгүшү А. Альварес Льерас, Л. Э. Осорио ж. б. драматургдардын ишмердиктерине байланыштуу. 1940-жылдары радиотеатр өнүккөн (О. Диас Диас). К-да 1950-жылдын ортосунан театр өнөрү жанданып, Богота, Кали, Медельин ш-нда улуттук драма мектептери түзүлгөн. Манисалесте ун-ттик (1968) ж-а эл аралык театрлардын (1972) фестивалдары өткөрүлөт. 1970–80-жылдары 100 театр коллективи Колумбия театр корпорациясына (1970) бириккен. 20–21-к-дын чегинде Боготада «Театро Петра» (жетекчиси Ф. Рубиано), «Театро Вреве» (В. Вивьескас) «Мапа Театро» (Р. ж-а Э. Абдерхальдендер) ж-а Медельинде «Театро Матаканделас» (К. Пелаэс) театрлары көрүнүктүү роль ойноодо. 1988-жылдан Боготада дүйнөдөгү эң чоң фестивалдардын бири – Ибер-амер. театр фестивалы (уюштуруучусу белгилүү актриса ж-а театр ишмери Ф. Микей), 2002-жылдан Медельинде жыл сайын Колумбиялык театр фестивалы өткөрүлөт.

1908-ж. итал. бир туугандар Ф. ж-а В. Ди Домениколор К-да кино прокат фирмасын түзүшкөн. Либералдар партиясынын башчысы, генерал Р. Урибенин өлүмү ж-дөгү «15-декабрдагы драма» (1915) аттуу К-нын биринчи фильмин тартышкан. А. дель Дьестро ж-а М. Кальвонун «Мария» (1922, Х. Исаакстын романы б-ча) ж-а бир туугандар Ди Домениколордун «Аура, же Фиалкалар» (1923, Х. М. Варгас Виланын романы б-ча) кинотасмалары ири ийгиликтерге ээ болгон. 1941-ж. Кальво «Өрөөндүн гүлдөрү» аттуу биринчи үндүү киносун койгон. Улуттук кино өндүрүшү 1960-жылдары жогорулай баштап, көркөм («Таш тамырлар», 1963, Локарнодогу ЭКФтин сыйл.; «Кесилген меридиан» 1968, реж. Х. М. Арсуаги) ж-а саясий даректүү фильмдер тартылган. 1979-ж. Боготада ФОСИНЕ (кинематография өнүгүшүнө көмөктөшүү фонду) мамл. кино уюму түзүлгөндөн кийин, кино өндүрүшү жогорулай баштаган. 1980-жылдары С. А. Соловьёвдун «Тандалгандар», (1983); Куба м-н биргеликте тартылган Х. Али Триана «Өлүүчү мезгил», (1985); Л. Дуке Наранхонун «АКШ визасы» (1986); С. Кабреранын «Эроолдун техникасы» (1988) ж. б. кинотасмалары жарык к[illegible]рөн. 1992-ж. ФОСИНЕ жабылып, 1997-ж. [illegible]маад-т министрлигинин алдында Кинематог[illegible]фия дирекциясы ж-а Колумбиялык кино[illegible]олдоо ж-а алдыга жылдыруу бириккен фо[illegible]у түзүлгөн. 2000-жылдары Р. Триана («Мы[illegible]ык чычкан ойнундай», 2001; «Кыялдануу эркиндуу эмес», 2006), Л. А. Рестрепо («Биринчи түн», 2003), С. Герра («Жөө кишинин көлөкөсү», 2004), А. Баиса («Сатана», 2007) ж. б. режиссёрлор мыкты фильмдерди жаратышты. Жылына Эл аралык кинофестиваль (1961-жылдан Картахенада), улуттук кино фестиваль (1983-жылдан Боготада) өткөрүлүп турат.

Ад.: *Лукашова Е. Н.* Южная Америка. М., 1958; Культура Колумбии. М., 1974; Поэзия Колумбии. М., 1991; Колумбия// БРЭ. Т. 14. М., 2009.

Ө. Бараталиев, Ш. Керимова.

КОЛУ́МБИЯ ПЛАТОСУ – Түн. Америка Кордильерасындагы плато, АКШнын түн.-батышында. Каскад ж-а Аскалуу тоолорунун аралыгында жайгашкан. Аянты 500 мин *км*². Бийикт. 700–1000 *м*. Плато миоцен ж-а плиоцендин базальты м-н капталып, палеозой м-н мезозойдун кристаллдык ж-а чөкмө тектеринен турат. Платонун үстү лёсс м-н капталган, күдүрлүү ж-а тегиз, түндүгү Колумбия, Снейк ж. б. дарыялардын терең (900–1500 *м*) каньондору (шаншаарлар) м-н тилмеленген. Антропоген мезгилинде пайда болгон кургак каньондор (Грант-Кули) да бар. Дарыяларда шаркыратма ж-а босоголор көп, ГЭС курулган. Талаа өсүмдүктөрү эзелеген платонун басымдуу болгү айдоо (буудай).

КОЛУМБИЯЛЫКТАР (өздөрүн к о л о м б и а н о с деп аташат) – эл, Колумбиянын негизги калкы. Венесуэлада, АКШда да жашайт. Жалпы саны 34,5 млн киши, а. и. 32,5 млну Колумбияда. Испан тилинде сүйлошот. Негизинен католицизмди, о. эле протестантизмди (пресвитериандар, баптисттер ж. б.) тутушат. К-дын этностук негизин жерг. индейлер – чибча-муиска, Колумбияга кочүп келген испандардын укумтукумдары – креолдор, мулаттар ж-а кул катары Африкадан алып келинген негрлер түзгөн. 16-к-дын 30-жылдарында испандар Колумбияны басып алган. 18-к-дын аягында жерг. урууларлардын көбүн испан баскынчылары кырган же ассимиляцияланган. Негизинен а. ч-да (кофе, банан, ананас, тамеки, какао, жүгөрү, буудай, күрүч ж. б. өстүрөт), о. эле нефть, тоо кендерин казып чыгаруу ө. ж-нда эмгектенишет.

КОЛХИ́ДА ОЙДУҢУ, Р и о н и о й д у ң у Грузиянын батышында. Кара деңиз жээгин (Сухуми ж-а Кобулети ш-нын аралыгын), Риони ж-а Ингури д-нын төмөнкү агымдарын ээлейт. Батыштан чыгышка 100 *км* аралыкка созулат. Үстү тегиз, денизди көздөй жантайыңкы аллювий түздүгү. Бийикт. 150 *м*ге чейин (чыгышында). Минералдуу суу булактары чыгат (Цхолтубо). Климаты нымдуу субтропиктик; кышы жумшак, жайы ысык; январдын орт. темп-расы 4,5–6°С, августтуку 23–24°С. Жаан-чачын жыл мезгили б-ча бир калыпта мол (жылдык орт. олчому 1400–1900 *мм*) жаайт. Палеостоми көлү бар. Ыран-дүйүм чөптүү ж-а камыштуу саздак ландшафт басымдуу. Саздак жерлери кургатылууда. Реликт болуп эсептелген кандагач (ольха) бадалдары өсөт. Көтөрүңкү жерлерин жазы жалбырактуу (лианалуу) ж-а дайыма жашыл бадалдуу токой ээлейт. Субтропик өсүмдүктөрү (цитрус, чай, тунг ж. б.) өстүрүлөт. Колхида коругу бар. Аймагында 1987-ж. алаамат суу каптоо болгон.

Ад.: Колхидская низменность: природные условия и социально-экономические аспекты / Под. ред. Г. Г. Сванидзе. Л., 1989.

КОЛХОЗДОР, к о л л е к т и в д ү ү ч а р б а, а. ч. а р т е л и – СССРдеги жарым мамл. ири а. ч. ишканасы. Дыйкандардын эмгеги коомдоштурулуп, негизги өндүрүш каражаттары, жер мамл. менчик болуп калган. К. 1929–37-ж. коллективдештирүү процессинин негизинде түзүлгөн. К-ду түзүүнүн максаты а. ч. продукциясын өндүрүү ж-а болуштүрүү процессин мамл. көзөмөлгө алып, натуралдык ж-а майда товардык укладды коомдоштурулган а. ч. продукцияларынын ири товардык өндүрүшү м-н алмаштыруу болгон. К. совхоздор м-н катар эле соц. экономиканын негизги агр. өндүрүшү болуп кала берген. 1917–29-ж. «колхоз» термини көп учурда бардык эле коллективдүү чарбаларда – а. ч. коммунасы, жерди биригип иштетүү, а. ч., балык уулоо, ан-уулоо ж. б. артелдерде колдонулган. ВКП(б) БКнын «Коллективдештирүүнүн темпи ж-а мамлекеттин колхоз курулушуна жардам берүү чаралары жөнүндө» (1930, январь) токтомунда К-дун негизги формасы – а. ч. артели таанылган. Артель эмгекти коомдоштуруунун ж-а өндүрүш каражаттарынын эң жогорку баскычы болуп, товардык өндүрүштүн оз ыктыярлы м-н биригүүсүнө мүмкүндүк берген эмес. К-дун түзүлүшү м-н дыйкандын менчигинде тамы, чарба курулуштары, эмгек шаймандары, мал жандыктары калган. К-го кулактардын катарына кирбеген 16дан жогорку жаштагы дыйкандар кабыл алынган. 1930-жылдын башында К. дыйкандардын уная-шаймандары ж-а малынын негизинде түзүлгөн ишкана катары бир айыл-кыштакты бириктирип, 400 *га*га жакын айдоо аянтты ээлеген. К-до эмгекти уюштуруунун негизги формасы узак мөөнөткө бекитилип берилген жер участкасына ж-а эң керектүү өн-

дүрүш каражаттарына ээ болгон колхозчулар коллективи – туруктуу өндүрүштүк бригада болгон. Жер иштетүү *Машина-трактор станциясынын* (1929-ж. түзүлгөн) күчү м-н ишке ашкан. Формалдуу түрдө К-ду башкаруунун жогорку формасы болуп колхозчулардын жалпы жыйналышы, анда башкармалыктын төрагасы ж-а текшерүү комиссиясы шайланган. Иш жүзүндө бардык чечимдер парт. ж-а мамл. органдардын катуу көзөмөлүндө болгон. К-дун башкармалыгынын башчылыгына партиянын райкомунун түздөн-түз көрсөтмөсү м-н адамдар дайындалган. К. м-н мамлекеттин өз ара мамилеси алгачкы мезгилде контрактациялык келишимдин негизинде түзүлгөн. Эгин тапшыруунун көлөмү мамл. пландын негизинде түзүлгөн. Мамлекетке а. ч. продукциясын сатуу мамлекет тарабынан кызуу колдоого алынган. Колхозчулар ө. ж. продукциясын сатып алуу фондусунан төмөнкү баада алышкан. Бардык мамл. план аткарылгандан кийин гана колхозчуларга эмгек күнгө карата кирешелер бөлүштүрүлгөн. Колхозчулар өздөрүнө керектүү азык-түлүктөрдүн басымдуу бөлүгүн көмөкчү чарбаларында өндүрүшкөн. Жеке менчиктин калыбына келүү коркунучун жоюу үчүн колхозчулардын «ашыкча» жерлерин ар дайым кесип турган. Чектөөнүн негизги формасы салык салуу болгон. Улуу Ата Мекендик согуш К-го чоң сокку урган. 1941–45-ж. айдоо аянттары 20% ке кыскарган. К-до негизги күч болуп аялдар ж-а өспүрүмдөр калган. Жакыр жашаган колхозчулар шаарларга кетүүгө мажбур болуп, шахтада, курулушта ж. б. иштеген. 1953-ж. И. В. Сталин дүйнөдөн кайткан соң, а. ч. өндүрүшүндө колхозчуларды эмгекке кызыктыруу, экон. өз алдынчалыкты күчөтүү, көмөкчү чарбаларды колдоо ж. б. иш-чаралар жүргүзүлгөн. Мамлекетке тапшырылуучу а. ч. азык-түлүктөрүнүн нормалары кескин кыскарылып, мамлекет тарабынан сатып алуунун баасы кыйла көтөрүлгөн. 1957-ж. эт-сүт продукциясын өндүрүүнү жогорулатуу планы киргизилип, 3–4 жылдын ичинде АКШны кууп жетип, ашып кетүү иш-чараларын жүргүзүү милдеттери а. ч-га жүктөлгөн. К. кошуп жазуу ыкмасына өтүп, о. эле дыйкандардын ири мүйүздүү малдарын мамлекет күчтөп сатып ала баштаган. 1956–60-ж. жеке дыйкан чарбаларында малдын саны кескин кыскарган. Натыйжада өлкөдөгү азык-түлүк абалы начарлап, элдик нааразычылыктарга ж-а толкундоолорго алып келген. 1964-ж. колхозчулар улгайганына байланыштуу пенсияга чыгуу (эркектер 65, аялдар 60 жашынан) укугуна ээ болуп, 1966-жылдан ай сайын эмгек акы ала баштаган. Колхозчулардын эмгек өндүрүмдүүлүгүн стимулдаштыруу үчүн 1970-жылдардын аягынан мамлекет коллективдүү подряд системасын киргизген. 1974-жылдан колхозчуларга сов. жаран катары паспорт берилген. К-го мамлекет тарабынан инвестициялык салымдын көлөмү тынымсыз көбөйгөн. 1966–80-ж. а. ч. продукциясынын өсүү темпи төмөндөгөн. Жыл сайын К-го жардам иретинде шаарлардан жумушчу күчү тартылган (айрыкча түшүмдү жыйноо мезгилинде), бирок бул иш-чара колхоз түзүлүшүн кризистен алып чыга алган эмес. 1982-ж. азык-түлүк программасы кабыл алынып, агр. секторду индустриялык негизде модернизациялоо каралып, убактылуу өз жемишин берген. 1980-жылдардын 2-жарымында масштабдуу түрдө коллективдүү, үй-бүлөлүк ж-а индивидуалдык ижаралык подряд киргизилген. 1990-жылдары а. ч. техникасына, күйүүчү майга, электр энергиясына болгон баалардын өсүшү м-н К. өндүргөн продукцияга баа төмөндөгөн. 1990-жылдардын башында көптөгөн К. ж-а совхоздор акционердик коомго айланып, алардын бир бөлүгү жоюлуп кеткен.

Кырг-нда массалык коллективдештирүү дыйканчылык зоналардагы 6 райондо (Араван, Базар-Коргон, Беловодск, Кемин, Ысык-Көл жээги, Талас) жүргүзүлүп, 108 колхозго 36630 чарбаны тартуу каралган. Ар бир колхозго дыйкандардын 30–150 кожолугун бириктирүү көрсөтүлгөн. Колхоздоштурууга көмөк берүү комиссиялары, к-ттери уюшулуп, артелдерди уюштуруу б-ча саясий штабдар түзүлгөн. 1928–29-ж. респ-да 535 колхоз, 10 совхоз уюшулган. 1930-ж. Кырг-нда 81 982 чарбаны бириктирген 687 колхоз уюшулуп, дыйкандардын ж-а малчылардын 37,2% ин түзгөн. Кээ бир райондордо (Чүй, Кара-Балта) коллективдештирүү үч айда («аша чабуу» жолу м-н) жүргүзүлгөн.

Ад.: *Венжер В. Г.* Колхозный строй на современном этапе. М., 1966; *Зеленин И. Е.* Аграрная политика Н. С. Хрущёва и сельское хозяйство. М., 2001.

К. Алымкулов.

КОЛЧЕДАНДАР, (гр. Chalkedon – Кичи Азиядагы байыркы грек колониясынын атынан), колчедан кенташтары – негизинен күкүрттүү минералдардан (сульфиддерден) турган кенташтын жалпы аты. Курамында пирит, пирротин, марказит, айрым учурда халькопирит, борнит, сфалерит, галенит, барит минералдары кездешет. Спилит-кератофир, диабаз-альбитофир сыяктуу жанартоо чөкмөлөрүнөн орун алат. Каралжын сланец формациялары м-н тыгыз байланышкан. Бир өнчөй массадан же чачыранды бүртүкчөлөрдөн турат. Тарамдашкан, линза, шток, кабат түрүндө жолугат. Жез м-н күкүрт к-тасы өндүрүлөт. Кээде алтын, күмүш, коргошун, цинк, кадмий, висмут, селен, теллур, барий, күкүрт алынат. Жездин дүйнөлүк запасынын 10% ин К. берет. Ири кендери Карелия, Бурятия, Казакстан, Кавказ, Урал, Курил а-дары, Кырг-н ж. б. жерлерде кездешет. Кырг-ндагы *Ачык-Таш күкүрт колчедан кени* (Кыргыз Ала-Тоосу) ж. б. буга мисал болот. Дүйнө жүзүндөгү эң ири кени болуп Испаниядагы Рио Тино кени эсептелет. Андан 3 мин жыл ичинде 200 млн *т* кен казып алынган, 5 млн *т* жез өндүрүлгөн.

Ад.: Колчеданные месторождения мира /Под ред. В. И. Смирнова. М., 1979.

КОЛЫМА́ – Арктиканын түн.-чыгышындагы дарыя. Магадан обл-нун м-н Якутиянын аймагында. Уз. 2600 *км*, бассейнинин аянты 647 мин $км^2$. Халкан кыркалардан башталган Кулу ж-а Аян-Юрях д-нын кошулушунан пайда болот. Жогорку бөлүгүндө босоголорду, сайроондорду пайда кылат, ортомон жагында Колыма ойдуну (1150 *км*) аркылуу өтүп, Чыгыш Сибирь денизиндеги Колыма булунуна куярда аянты 3250 $км^2$, уз. 130 *км*ге жеткен дельтаны түзөт. Негизги куймалары: Детрин, Бахапча, Буюнда, Балыгычан, Сугой, Корколон, Берёзовка, Омолон, Анюй (он); Сеймчан, Поповка, Ясачная, Ожогина, Седедема (сол). Суусунун деңгээли 14 *м*ге чейин өзгөрөт. Орт. чыгымы 3900 $м^3/сек$, эң көбү 25100 $м^3/сек$ (июнь), эң азы 23,5 $м^3$/сек (апрель). Кар (47%), жамгыр (42%) ж-а булак сууларынан (11%) куралат. Майдын ортосунан октябрга чейин суусу кирет. Сентябрдын аягы – октябрдан майдын 2-жарымы – июнга чейин муз каптайт. Кышында үйөр пайда болот. Бахапчинин чатынан (Усть-Среднекандан туруктуу) кеме жүрөт. Дебиндин чатынан жогорураак Колыма ГЭСи курулган (1984); Усть-Среднекан ГЭСи курулууда (2008). Төмөнкү агымында балык кармалат. Боюнда Среднеколымск ш. жайгашкан; негизги порттору: Усть-Среднекан, Зырянка, чатында – Черский, Зелёный Мыс, Край Лесов. К-нын алабында алтын кендери бар.

Ад.: *Давыдов Л. К.* Гидрография СССР. Ч. 2. Л., 1955; Ресурсы поверхностных вод СССР. Л., 1969. Т. 19; Геоэкологическое состояние арктического побережья России и безопасность природопользования. М., 2007.

КОЛЫМА́ ТАЙПАК ТООСУ, Гыдан негизинен Магадан обл-нун аймагында, Түн.-Чыгыш Сибирде жайгашкан. Сунтар-Хаята кырка тоосунан чыгышты, Кичи-Анюй д-нын ороонунон түн.-чыгышты карай Анадырь д-нын башатына чейин 1300 *км*ге созулуп, Колыма д-нын алабын Тынч океандын алабынан бөлүп турат. Түш.-батыш бөлүгүнүн рельефинде платолор, орто бийиктеги (1500–1800 *м*) кыска кырка тоолор ж-а граниттүү массивдер басымдуу. Түн.-чыгышында өтө тилмеленген орто бийик кырка тоолор ж-а массивдер жайгашып, тектон. ойдундар м-н бөлүнгөн. Эң бийик жери 1903 *м* (Омсукчан кырка тоосунда). Коркодон ж-а Олой д-нын аралыгында плато сымал зор Омолой массиви өзгөчөлөнүп турат. Негизги кен байлыктары: алтын, калай, сейрек металл кендери, таш ж-а күрөң көмүр, ысык суу булактары. Өрөондөрүн ж-а тоо этектерин кара карагайлуу сейрек токой ээлеп, 500–800 *м* бийикте бадалдуу ж-а мамык чөп-эндилчектүү тоо тундрасы м-н алмашат (К. т. т-нун $^2/_3$ аянтын ээлейт). Өрөөндүн таманына жайылма токою мүнөздүү. Лыжа туризми өнүккөн.

КОЛЫМА́ ТҮЗДҮГҮ – Якутиядагы аккумуляциялык зор түздүк. Түн.-Чыгыш Сибирде, Колыма д-нын төмөнкү агымында жайгашкан. Алазея ж-а Юкагир бөксө тоолорунун аралыгында 750 *км*ге созулуп жатат. Жеринин бети начар тилмеленген, деңиз денг. 100–300 *м* бийикте, дөбөлүү. Бардык жеринде көп жылдык тоң ж-а жер алдындагы калың (50 *м*) муз катмарынын таралышы рельефтин тоң-термокарсттык формаларынын пайда болушуна шарт түзөт. Климаты катаал, кескин континенттик. Тайыз чакан көлдөр ж-а саздар көп. Табигый ландшафттарынын ичинен тайганын түн. чегиндеги саздашып, куурап бараткан кара карагайлуу сейрек токой, түндүгүндө токойлуу тундра (ольха бадалы, тал, кайын), о. эле кочкар тибиндеги тундра ж-а арктика ландшафттары м-н алмашат. Бугу жайыты, мергенчилик, балык уулоо өнүккөн.

КОЛЬ Гельмут, Хельмут (3. 4. 1930-ж. т., Германия, Людвигсхафен ш.) – мамл. ж-а саясий ишмер, Германиянын федералдык канцлери (1982–98). Христиандык-демокр. партиянын төрагасы (1973–98). Франкфурт ж-а Гейдельберг университетин бүткөн. 1969–76-ж. Рейнланд-Пфальц жери б-ча өкмөт башчысы болуп иштеген. 1990-ж. анын демилгеси м-н Батыш ж-а Чыгыш Германия бириктирилген, бирдиктүү Германиянын биринчи канцлери.



КОЛЬЦО́ВКА КОЛТУГУ, Булун – Ысык-Колдун түш. жээгиндеги буйтка (булунча). Бөкөнбаев кыш-нан 6 *км* түн.-чыгыш тарапта. Уз. 720 *м*, туурасы 700 *м*, терендиги ооз тарабында 45 *м*. Жээктери тик болгондуктан, толкун м-н шамалдан ыктоо турат. Таманын баткак м-н шагыл каптаган. 35–40 *м* терендикке чейин «хара» балыры өсөт. Буйтка (жээктери да) өтө терең болгондуктан, кышкысын тонбойт. Суусунун 10°C темп-радан өткөн маалы жазында 19-майга, күзүндө 24-ноябрга туура келет. Чыгыш учунда кеме токтоочу жай бар.

КОЛЬЦО́-ПОЛОВИ́НКА КВАРЦ КУМУ КЕНИ Баткен обл-нун Лейлек р-нунда, Кольцо-Половинка т. ж. бекетинин жанында, Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде, деңиз денг. 1000 *м* бийикте. 1936–41- ж-а 1944-ж. изилденген. Кен аймагын бор мезгилинин алдында пайда болгон чокмо тоо тектер түзөт. Кен кварц кумунун 4 катмарынан турат. Алардын астында кумдук

тоо теги, үстүндө чопо катмары бар. Кум 1×2, 5×3 *км* аянтты ээлейт. Майда, орто ж-а ири бүртүкчолүү. Боз, ак, кызгылт, саргыч. Негизинен таза кварцтан туруп, бир аз талаа шпаты, слюда, чаң ж-а кенташ минералы кезигет. Кумдун гранулометрлик курамы: 0,5 *мм*ден кесеги 7,4%, 0,5–0,25 *мм* – 24,85%, 0,25–0,1 *мм* – 50,15%, 0,1–0,05 *мм* – 13,35%, 0,01 *мм*ден майдасы – 2,6%. Кварц куму болот, чоюн куймаларын куюу үчүн калып, айнек жасоодо ж-а кайрак катары пайдаланууга жарактуу. Калыптык кумдун запасы А категориясы б-ча 25 миң *т*, В – 324 миң *т*, C_1 – 225 миң *т*, айнектик кум C_1 – 1700 миң $м^3$.

КОМ – төөнүн токулгасы. Уз. 2 *м*дей ком жыгачы, кошок таары, тердик кийизи, чачысы болот. К. жыгачынын эки чети 15–20 *см*, орто



А – комдуу төө; *Б* – ком: 1 – кошок таары; 2 – тердик кийизи; 3 – жыгачы; 4 – чачысы.

жери 30–40 *см* жазы, уз. 120–140 *см* келген калың сызма же кайыш м-н бириктирилген. Алардын алдынкы бети 2–3 кат кийиз м-н ичмектелген. Төөнүн эки өркөчү К-дун эки тешигине өткөрүлүп токулат. К. оймо, чийме, сайма, терме м-н кооздолгон. Кээде боз үйдүн уугун же керегесин К. жыгач катары пайдаланган.

КО́МА (гр. kóma – терең уйку) – борб. нерв системасы катуу жабыркап, акыл-эс жоголуп, өмүргө коркунуч туудуруучу абал. Түрдүү ооруларды (энцефалит, *менингит, безгек, инсульт, кант диабети, гепатит, ууланууу*, мээ травмасы ж. б.) оор кабылдоосунан болот. К. болгон адам адегенде эсинен танат, начар угат, терең уйкуда жаткандай сезилет, айлана-чойрону сезбейт, көздүн кареги чоңоёт, жарык корбойт, заара рефлекси жоголот, кыркырап тез-тез дем алат. Айрым учурда кан басымы төмөндөгөндүктөн, *коллапс* пайда болот.

КОМА́НДА спорттук – мелдешке катышуучу өлкөнүн, шаардын ж. б. бирдиктүү клуб, коом спортчуларынын тобу. К-нын саны спорттун түрү ж-а мелдеш ж-дөгү жобо б-ча аныкталат. Ар бир К-да жетекчи болот. Ал К-нын тартибине жооп берет, чүчү кулак кармаганга, калыстар коллегиясынын жыйынына катышат. Машыктыргыч түздөн түз К-нын мелдешке даярдыгына жоопкер болот. Курама К-да бир нече машыктыргыч (бири негизги) болушу мүмкүн. Ар бир К. ачык добуш м-н өз капитанын шайлайт, ал таймаштын жүрүшүндө аянттагы оюнчулардын аракетине жетекчилик кылат. Айрым учурда капитан К-нын өкүлчүлүк милдетин да аткарат.

КОМАНДАЛЫК ПУНКТ – согуш майданында аскерлерди башкаруу үчүн командир туруучу жай. К. п. командачыга аскерлерди башкарууга ынгайлуу, кол алдындагы командирлер, коңшу бөлүктөр, бирикмелер ж-а жогорку штаб м-н дайыма байланыша алгыдай кылып жайгаштырылат. Байкоо жүргүзүүчү, сигнал берүүчү ж-а байланыш каражаттары бар транспорттор м-н жабдылат. К. п-та штабдын негизги курамы, аскер башчылары ж. б. болот. К. п-ту көчүргөндө аскерлерди башкаруу иши токтобойт.

КОМАНДИ́Р – куралдуу күчтөрдө бөлүктүн өздүк курамынын башчысы ж-а анын тикеден-тике жетекчиси. К. өзүнө ишенип берилген бөлүктүн согуштук ж-а мобилизациялык даярдыгы үчүн жооп берет. К. өздүк курамды согуштук ж-а саясий жактан тарбиялоого, аскердик тартипти чыңдоого милдеттүү.

КОМАНДО́Р АРАЛДАРЫ Тынч океан м-н Беринг деңизинин чегинде. Камчатка крайында. Аянты 1,8 миң $км^2$. Бийикт. 755 *м*ге чейин. Төрт аралдан турат: Беринг, Медный, Топорков ж-а Арий Камень аскасы. Кристаллдык тоо тектерден түзүлгөн. Рельефине жапыз кырка тоолор ж-а массивдер мүнөздүү; алардын капталдары тик келип, дарыя, агын суулардын капчыгайлары м-н өтө тилмеленген. Жер титирөө болуп турат. Климаты субарктикалык океандык. Кышы жылуу, нымдуу, кар арбын түшөт, жайы салкын, бүркөк, катуу шамал болот. Августтун орт. темп-расы 10°С, февралдыкы –4°С. Жылдык жаан-чачыны 1500 *мм*дей. Океан шалбаасы ж-а тоо тундрасы басымдуу; айрым ороондорундө жапалак тал, четин, таш кайың өсөт. Тыбыттуу ит балыктын, ышкырыктуу суу жолборстун жатагы; жээктери канаттуулардын түнөгү. Деңиз промысели, аңчылык чарбасы бар. Калктуу пункту – Никольский (Беринг а-нда). 1741-ж. К. а-нда алгачкы жолу болгон капитан-командор В. Берингдин экспедициясынын урматына аталган.

КОМАРО́В МӨҢГҮСҮ, Кызыл-Үңөт мөңгүсү – Какшаал кырка тоосунун түн. капталындагы ороон тибиндеги ири мөңгү. Уз. 10,7 *км*, аянты 29,3 $км^2$. Какшаал д-нын сол түзүүчүсү – Мүдүрүмдүн алабынан орун алган. Мөңгүнүн башы 5210 *м*, этеги 3900 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4050 *м*. Абляциясынын аянты 9,9 $км^2$. Үч зор мөңгүнүн кошулушунан түзүлөт. Үч мөңгү бириккенден кийинки «тилинин» уз. 2,5 *км*, туурасы 3 *км*ге жетет. Ал жазы келип, ороондун таманына тик түшөт. Этегине жакын чакан жаңы этек моренасынын жатышы – мөңгү жакынкы мезгилде эле 30–40 *м*ге чегингендигин айгинелейт. Кар сызыгынан жогору жыл бою кар жатат. Мөңгүдөн Кызыл-Үңөт суусу башталып, Мүдүрүмгө куят.

КОМБА́ЙН (англ. combine, сөзмө сөз – бириктирүү, туташтыруу) – бир эле мезгилде ар кандай операцияларды аткаруучу татаал агрегат. К-дын төмөнкүдөй түрлөрү бар: дан К-ы, жүгөрү



К-ы, силос К-ы, кен казуучу *тоо-кен комбайны* ж. б. Дан К-ы – дан эгиндерин чаап, бастырып, саман, топонун чөмөлөп кетүүчү машина. К-ды атайын кошумча шайман м-н жабдып, чанактуу, тех. ж. б. өсүмдүктөрдү чаап, бастырууга болот. К-дын чиркелме, асма ж-а өзү жүрүүчү түрлөрү бар. Чиркелме К-дын иштөөчү тетиктери К-га орнотулган кыймылдаткычтын же трактордун кубат берүүчү валынын жардамы м-н иштейт. Өзү жүрүүчү К. өз кыймылдаткычы м-н иштейт. Асма К. өзү жүрүүчү шассиге орнотулат. К. жантайма камералуу хедер, дан чапкыч, бастыргыч, тазалагыч, кызылдагыч, транспортёр, бункер, чөмөлөгүч, жүрүү системасы (жетелөөчү алдынкы донголок ж-а арткы башкаруучу донголок), кыймылдаткыч кабина, электр ж-а гидрожабдуулар, башкаруу ж-а сигнал берүү тетиктеринен турат. Алгачкы К. АКШда 19-к-дын аягында жасалган. Ал жыгачтан жасалган, эпсиз, оор болуп, 20–30 ат чегилген. К. 20-к-дын башында өркүндөтүлүп, жыгач – металл м-н, ат – локомобиль, трактор м-н алмаштырылып, кыймылдаткыч орнотулган. СССРде С-6, өзү жүрүүчү С-4 К-ы СК-4, СКД-5, «Сибиряк», СК-5, «Нива», СК-6, «Колос», «Дон-1200», «Дон-1500» ж. б. К-дар чыгарылган. Бул К-дардын базасында чанактуу дан өсүмдүктөрүн жыйноочу жалпак тамандуу СКП-4, шалы оруп-жыюучу СКП-6Р, СКД-5Р, СК-5Р, о. эле НК-4 ж. б. асма К. жасалган.

Ад.: Сельскохозяйственная техника и технология /Под ред. И. А. Синицина. М., 2006.

КОМБИНАТО́РИКА (лат. combinare – бириктирүү) – 1) матем. комбинатордук анализ; 2) математиканын бир бөлүмү; мында берилген эрежелерге ылайык чектүү көптүктүн элементтерин өз ара жайгаштырууга ж-а орундаштырууга байланыштуу маселелер изилденет. К. маселелери ыктымалдык теориясына байланыштуу келип чыккан. К-нын маселелерин чыгарууда төмөндөгү эрежелер ж-а формулалар колдонулат. Орундаштыруу формуласында *n* ар кандай элемент болсо, андан *m* нерсени канча жол м-н тандап алууга болот? Тандап алуу саны $A_n^m = n(n-1)(n-2)\dots(n-m+1)$. A_n^m чондугу *n* элементтен *m* б-ча орундаштыруу саны деп аталат. Орун алмаштыруу формуласында ар кандай *n* элементтен турган санды биринин артынан бирин канча жол м-н жайгаштырууга болот? Жайгашуунун саны $P_n = 1 \cdot 2 \cdot 3 \dots n!$, мында (*n*! белги: «*n* факториал» деп окулат). P_n чондугу *n* элементтерден орун алмаштыруунун саны деп аталат. Ал эми топтоштуруу-да ар кандай *n* элемент болсо, мындан *m* элементти канча жол м-н тандап алууга болот? Тандап алуу жолу төмөнкүгө барабар $C_n^m = \frac{n(n-1)(n-2)\dots(n-m+1)}{1 \cdot 2 \cdot 3 \dots m} = \frac{n!}{m!(n-m)}$, C_n^m саны *n* элементтен *m* б-ча топтоштуруунун саны деп аталат. Сумма эрежеси. Кандайдыр бир нерселердин чогуусунан *A* нерсеси *m* жолу м-н, *B* нерсеси *n* жолу м-н бөлүнүп алынса, анда *A* нерсесин же *B* нерсесин бөлүп алууга $m+n$ мүмкүнчүлүгү болот. Көбөйтүндү эрежеси: *A* нерсесин *m* жолу м-н бөлүп алууга ж-а ар бири ушундай бөлүп алуудан кийин *B* нерсесин *n* жолу м-н бөлүп алууга мүмкүн болсо, анда (*A*, *B*ны) көрсөтүлгөн тартипте бөлүп алууну *mn* жолу м-н ишке ашырууга болот. К-нын ыкмалары математиканын алгебра, сандар теориясы, ыктымалдык теориясы ж. б. бөлүмдөрүнө кеңири таралган.

Ад.: *Харитонов Б. С., Щепелькова А. В., Сухинов Г. Б.* Комбинаторные задачи в вычислительной технике. Ф., 1973; *Рыбников К. А.* Введение в комбинаторный анализ. 2-е изд. М., 1985.

КОМБИНАТО́РИКА ГЕОМЕТРИЯСЫ – математиканын фигуралар системаларынын комбинатордук мүнөздөгү экстремалдык касиеттерин изилдөөчү бөлүмү. Бул маселе томпок көптүктөрдүн оптималдуу иретте жайгаштырылышы м-н тыгыз байланышкан. Мис., 13 шар ж-дөгү маселе: евклид мейкиндигиндеги шарга барабар бардык шарлардын максималдуу саны канча? Бул суроого 1611-ж. И. *Кеплер* 12 деп жооп берген. Бирок так чыгарылышын голл. математик Б. Л. Ван-дер-Варден 20-к-дын ортосунда далилдеген. К. г-нда математиканын ар кандай тармактарындагы (топология, функциялык анализ, графтар теориясы ж. б.) ыкмалар колдонулат. К. г. дискреттик геометрияга ж-а томпок көптүктөр теориясына жакын.

Ад.: *Яглом И. М.* О комбинаторной геометрии. М., 1971; *Болтянский В. Г., Солтан П. С.* Комбинаторная геометрия различных классов выпуклых множеств. Киш., 1978.

КОМБИНАТО́РИКА ТОПОЛОГИЯСЫ – топологиянын геом. фигуралардын топол. касиеттерин элементардык фигураларга (мис, *симплекстер-*

ге) бөлүү жолу м-н изилдөөчү бир бөлүгү. К. т-нда Беттин группасы, Беттин саны, Пуанкаре мүнөздөмөсү ж. б. топол. мүнөздөмөлөр каралат. К. т-нын методдору аркылуу көптөгөн топол. теоремалар далилденген. к. *Топология.*

Ад.: *Понтрягин Л. С.* Основы комбинаторной топологии. 4-е изд. М., 2004.

КОМЕ́ДИЯ (гр. kōmōdia) – драмадагы жанр, күлкүлүү, тамашалуу ж-а сатиралык мазмундагы драмалык чыгарма; *трагедиянын* карама-каршысы. Байыркы Грекияда «К.» термини адегенде шайыр ыр деген маанини туюндурган, финалы бактылуу аяктаган чыгарманы К. деп аташкан. К-нын каарманы, эреже катары, төмөнкү катмардагы адамдар болгон. Классицизмге чейинки көп поэтикаларда К. «пас» жанр катары каралган. К. 19-к-да, айрыкча 20-к-да эркин ж-а көп кырдуу жанрга айланган. К-да



Т. Абдумомунов, «Машырбек үйлөнөт». Машырбек – М. Токтобаев, Шакыйна – К. Муратова. 1977.

коомдук идеалга же нормага сыйбаган терс көрүнүштөр, кыял-жоруктар сындалат, шылдындалат, ошондуктан ага *юмор, ирония, сатира* да мүнөздүү болуп, кандайдыр бир мазмун сыйдырылат. К-нын диапазону өтө кеңири: ал саясий сатирадан жеңил водевилдик юморго чейинки жанрды камтыйт. Коомдук-саясий сатираны жараткан Аристофанды К-нын атасы деп аташат. Дүйнөлүк ад-тта К-нын өнүгүшүнө анын классикалык үлгүлөрүн жараткан грек Менандр, римдик Теренций, испан Лопе де Вега, англис У. *Шекспир*, француз *Мольер*, орус А. С. *Грибоедов*, Н. В. *Гоголь*, А. Н. *Островский*, А. П. *Чехов* ж. б. зор салым кошушту. Кыргыз драматургиясында К. жанрын калыптандырууда ж-а өнүктүрүүдө кыргыз ад-тынын көрүнүктүү чеберлери К. *Жантөшев* («Ким кантти?»), Р. *Шукурбеков* («Эки дос»), М. *Алыбаев* («Курорттогу окуя»), Т. *Абдумомунов* («Машырбек үйлөнөт») ж. б. К-га кайрылышты.

Ад.: *Штейн А. Л.* Веселое искусство комедии. М., 1990; *Андреев М. Л.* На границах комедии. М., 2002.

КОМЕДИЯЛУУЛУК (гр. kōmikós – көңүлдүү, күлкүлүү) – турмуш көрүнүштөрүнүн, адамдардын кулк-мүнөзүнүн күлкүлүү жактарын көрсөтүүчү эстет. категория. К. ар кандай турмуштук окуялардагы форма м-н мазмундун, жагдай м-н аракеттин ортосундагы дал келбестиктен пайда болот. Сатиралык К-та ачынкы эстет. идеяларга туура келбеген коом алга жылышына тоскоол болгон көрүнүш сынга алынат; юмордук К-та адамдардын өзүндөгү, жүрүм-турумундагы айрым көрүн төр тамаша, азил иретинде айтылат да, тура эту терең ж-а ар тараптан түшүнүүгө көмөктөшөт. К-тун сатира, юмор, карикатура ж. б. түрлөрү бар.

КОМЕНДА́НТ (фр. commandant – командир, башчы) – 1) ар түрдүү мамлекеттердин куралдуу күчтөрүндөгү жооптуу кызмат адамы (офицер же генерал). 16-к-дан чеп гарнизонунун начальниги К. деп аталган. Россияга К. кызматын (облустун башкаруучусу К., провинцияныкы обер-К.) 18-к-дын башында Пётр I киргизген. 1715-жылдан гарнизондун начальниги, кээде (обер-К.) вице-губернатор кызматын аткарган. Кийинчерээк шаардык К. пайда болуп, коомдук жайларда, көчөдө аскер кызматкерлеринин аскер тартибин сакташын камсыз кылып, гарнизондогу кароол ж-а күзөт кызматын уюштуруп, анын туура аткарылышына жооп берген; 2) бир мекемеге же окуу жайына тиешелүү үйдүн (жатакана) чарба башкаруучусу.

КОМЕТАЛАР (гр. kométēs, сөзмө сөз – узун чачтуу), к у й р у к т у у ж ы л д ы з д а р – Күн системасындагы чаң, муз бөлүкчөлөрүнөн турган ж-а өтө созулган орбита б-ча айлануучу асман телолору. Күндөн кыйла алыс аралыкта сүйрү формадагы начар жылтыроочу так түрүндө көрүнөт, ал эми Күнгө жакындай баштаганда, «баш» ж-а «куйрук» пайда болот. Башынын борб. жаркырак бөлүгү ядро деп аталат. Ядронун орточо салмагы 1–100 млрд *кг*, диаметри 0,5–20 *км*, тыгыздыгы 200 *кг/м*^{3}. Ядродо бошлуктар да бар. Анын үчтөн бири муз ж-а үчтөн экиси чаң сымал туруксуз заттан турат. Муз негизинен суу ж. б. бир катар кошулмалардан пайда болгон. Күнгө ар бир жакындоосунда муз эрип, газ молекулалары ядродон чыгат ж-а өзү



м-н чаң, муз бөлүкчөлөрүн таратат. Ошонун негизинде ядронун тегерегинде уюлгуган булутча – кома сымал узун плазмалык чаңдуу куйрук пайда болот. Жоготууга учураган заттардын саны ядрону каптаган чаңга ж-а Күн м-н болгон аралыкка көз каранды. «Жотта» космос

аппаратынын Галлей кометасына жакын аралыктан жасаган байкоолору К. түзүлүшү б-ча бир катар теорияларды бышыктаган. К. узак ж-а кыска мезгилдүү болуп бөлүнөт. Кыска мезгилдүү К-дын Күндү айлануусу орт. 8 жыл. Астрономдор 1976-ж. Веста ж-а Биэла кометасынын ажырашын байкашкан. Узак мезгилдүү К-дын айлануу мезгили 10 миңден 1 млн жылды түзөт. Азыр кыска ж-а 800дөй узак мезгилдүү К. белги ж-а жылына 30дай жаңысы ачылып турат. Объектилер толугу м-н изилдене элек, алар Күнгө 2,5 а. б. аралыкта жакындаганда гана байкоого болот. Болжол м-н Күн айланасында триллионго жакын К. айланып жүрөт.

КО́МИ, К о м и Р е с п у б л и к а с ы Россиянын Европа бөлүгүнүн түн.-чыгышында жайгашкан. Аянты 416, 8 миң *км*^{2}. Калкы 968,2 миң (2008). Адм.-айм. жактан 12 районго, 10 шаарга, 29 шаарчага бөлүнөт. Борбору – Сыктывкар ш.

Калкынын негизин орустар (57,7%), комилер (23,3), украиндер түзөт; о. эле башка улут өкүлдөрү да жашайт. Орт. жыштыгы 1 *км*^{2} жерге 2,7 киши туура келет. Динге ишенгендердин көпчүлүгү православныйлар, протестанттар да бар. Шаар калкы 75,3%. Ири шаарлары: Воркута, Ухта, Печора, Усинск, Сосногорск, Инта.

Республика Түн.-Батыш федерация округуна кирет. Мамл. бийлигинин органдар системасы Россиянын ж-а К. Респ-нын конституциясы тарабынан аныкталат.

Экол. абалы калк аз жайгашкан түш.-чыгышында ж-а түн.-батышында канааттандырарлык, ал эми нефть ж-а газ казылып алынган аймактарында курч абалда. Тайгада (бугу жа-



Сысоло дарыясынын алабындагы түштүк тайга карагайлары.

йытынын негизинде) деградацияга учураган жерлер кездешет. Жылына атм-га 790 мин *т* уулуу заттар чыгарылат. Коргоого алынган табигый аймактар системасы (аянты респ-нын аймагынын 14,6% ин түзөт) Европадагы эң ири Печора-Илыч коругу ж-а мамл. улуттук парк – Югыд Ваганын карамагына киргизилип, Коминин кол тийбеген токойлору деген жалпы ат м-н *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине катталган. Респ-

нын аймагынын көпчүлүк бөлүгү түзөн. Аймагынан *Тиман токол тоосу* ж-а Уралдын түн. бөлүгү (эң бийик жери 1895 *м*) орун алган. Алардын аралыгында Печора түздүгү жайгашкан. Жылдык орт. темп-расы 0–1°С, эң түн.-чыгышында –4°Сден –6°Сге чейин. Кышы узак, суук; жайы кыска, салыштырмалуу жылуу. Январдын орт. темп-расы –17°С, июлдуку 11–15°С. Жылдык жаан-чачыны 700–1500 *мм*. Түндүгүндө ж-а түн.-чыгышында түбөлүк тоң жатат. Аймагы өтө нымдуу болгондуктан, саздуу келип, дарыя тармактары жыш. Алар Баренц, Каспий ж-а Кара (Карск) деңиздеринин алаптарына кирет. Ири дарыялары: Печора, Вычегда, Мезень. Көптөгөн көлдөрү бар; эң ирилери: Ямозёра (аянты 31,1 *км*^{2}), Синдорский (28,5 *км*^{2}). Печора д-нын алабы саздак. Аймагынын басымдуу бөлүгүн тайга зонасы ж-а 69% ин токой ээлейт. Күлбото топурагы басымдуу. Карагай, көк карагай, бал карагай, кызыл карагай өсөт. Түндүктө 66° түн. кеңдикте тайга токойлуу тундра м-н алмашат. Кен байлыктарынан таш көмүр, нефть, газ, боксит, хромит, титан, марганец, барит ж-а кварц казылып алынат. Минералдык суулар чыгат. К-да региондук бир нече заказник (37 комплекстүү, 15 ихтиология, 30 ботаника, 38 токой, 48 флора, 5 шалбаа, бир геол. ж-а бир зоол.) уюштурулган ж-а 200дөн ашык табият эстелиги (а. и. 46 геол., 32 ботаника, 13 суу ж-а 18 саз) бар.

Коми крайы 1478-ж. Россиянын курамына кирген. 1921-ж. 22-августта Коми (Зырян) АОсу (РСФСРдин курамында, 1936-ж. Коми АССРи 1990-ж. Коми ССРи болуп кайра түзүлгөн. 1992-жылдан Коми Республикасы.

К. Түн. экон. райондун курамына кирет. Ө. ж. продукциясынын көлөмү а. ч. продуктусунан 40 эсе жогору (2006). Региондун дүн продукциясынын структурасында ө. ж-дын үлүшү 48,1%, транспорт м-н байланыштыкы 12,6%, дүн ж-а чекене сооданыкы 9,1%, кыймылсыз мүлк (ижарага берүү ж. б.) 9,1%, курулуш 7,5%, айыл ж-а токой чарбасыныкы 3,2%. К. Россия экономикасында өнүккөн токой ө. ж. комплекси м-н өзгөчөлөнөт. Фанера (1-орунда; 12%), целлюлоза (3-; 14,9%), кагаз ж-а картон (4-; 6,4%), тактай материалдар (9-; 3,1%) өндүрүштөрү өнүккөн. К. Россиянын Түн. Европасынын негизги отун базасы болуп эсептелинет (40ка жакын нефть кени иштетилет), токой, жыгаччылык, целлюлоза-кагаз (23,5%, «Сыктывкар токой ө. ж. комплекси»), электр энергетика (К. Р-нын керектөөсүн толугу м-н камсыз кылат), тамак-аш (ири ишканалары: «Сыктывкархлеб», «Юбилейный» кондитер ф-касы, о. эле эт, сүт, ликёр-арак ж. б.) ө. ж. ишканалары иштейт.

А. ч-га жарактуу жери респ-нын аймагынын 0,5% ин ээлейт (а. и. айдоо аянты 30,6%). Тоют өсүмдүктөрү, картөшкө, жашылча, дан эгинде-

ри айдалат. Мал чарбасы эт-сүт багытында. Чочко ж-а канаттуулар комплекстери ө. ж-луу борборлорду жабдууга багытталган. Респ-да Европанын түндүгүндөгү бугулардын жалпы санынын $^1/_3$и асыралат.

Т. ж-нун уз. 1,7 миң *км*, автомобилдики 5,7 миң *км* (асфальтталган), суу жолунуку 4,1 миң *км*. Печора, Вычегда д-нда кеме жүрөт. Куур транспорту да өнүккөн (нефть куурунуку 1,7 миң *км*, газдыкы 3,6 миң *км*). Ири порттору: Печора, Емва, Вуктыл.

РИАнын Урал бөлүмүнүн ил. борбору, 510 мектепке чейинки ж-а 503 жалпы билим берүүчү мекемелер, 55 башталгыч ж-а орто окуу жайы, 27 ЖОЖ, 5 театр (а. и. муз., куурчак), филармония, 21 музей, 4 китепкана бар. Респ-да «Красное знамя», «Республика», «Молодёжь Севера» ж-а «Коми му» (1919, коми тилинде) ж-а райондук гезиттер чыгат. Туризм өнүгүүдө. Негизги сырткы соода шериктештери: Нидерланд, Германия, Финляндия, Швеция, Австрия, Улуу Британия, Латвия, Украина ж-а Польша.

Ад.: Коми, Республика Коми//БРЭ, спец. том. Россия, М.,2004; Коми//Большая Российская Энциклопедия, Т. 14, М., 2009.

КО́МИКС (англ. comic – күлкүлүү) – бир окуяга байланышып, кыскача текст жазылган сүрөттөр сериясы. Заманбап К-тин баштоочусу деп швейцариялык сүрөтчү Р. Тёпфер эсептелет. К. 19-к-дын аягында АКШда газета чыгаруунун өнүгүшү м-н кеңири жайылып, 20-к-дын ортосунда К. «массалык маданияттын» эң кеңири тараган жанрларынын бирине айланган. К. дайыма классикалык, окуялуу, күлкүлүү ж-а фантастикалык чыгармаларды жайылтууда колдонулган. Учурда К. комедиялык мүнөзүн жоготуп, аны – кылмыш, согуш тууралуу «тири укмуштар» К-си, о. эле классиктердин чыгармаларын жөнөкөйлөтүүчү жалган тарыхый К. алмаштырды.

КОМИЛЕР (өздөрүн к о м и м о р т, к о м и в о й т ы р деп аташат) к о м и - з ы р я н д а р – Россияда жашаган эл, Коми Респ-нын негизги калкы. Архангел, Мурман, Свердлов, Омск, Тюмень обл-нда, Ненец, Ямал-Ненец ж-а Ханты-Мансы автоном округдарында да жашайт. Жалпы саны 344, 5 миң киши, анын 292 миңи Комиде (2000). Коми тилинде сүйлөшөт. Динге ишенгендери – православныйлар, эски ырым-жырымдарды туткандары да бар. К. коми-пермяктар ж-а удмурддар м-н тектеш. Алар жогорку вычегда, вымич, ижем, печор, прилуз, сысоль, удор ж. б. этностук топторго бөлүнөт. К-дин этностук негизин пермь-вычегда уруулары, вепсы, байыркы марийлер, обь угорлорунун атабабалары, чыгыш славяндар түзгөн. К. дыйканчылык, мал чарбачылык (бугу багуучулук), балык уулоо, о. эле аңчылык м-н к[illegible]иптенишип, оймо-чиймелер м-н кооздолгон, [illegible]ыгачтан салынган үйлөрдө жашашкан. А[illegible]дары жеңи узун көйнөк, сарафан, кыска, к[illegible]н тигилген күрмө, башына кокошник (түн[illegible]ус дыйкан аялдарынын байыркы баш кийи[illegible]) эркектери шымдын сыртына көйнөгүн чыга[illegible]ып, кур курчанып, кышкысын тон, башына [illegible]йиз калпак же кой терисинен жасалган баш кийим кийишкен. Тамак-ашы негизинен эт, балык, дан азыктары.



КОМИНТЕ́РН – к. *Коммунисттик Интернационал.*

КОМИНТЕ́РН, Н а з и р – Жалал-Абад обл-нун Ноокен р-нундагы кыштак. Ноокен айыл округуна караштуу. Бишкек – Ош автомобиль жолунун ж-а, Масы суусунун боюнда, деңиз деңг. 615 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Масы кыш-нан 15 *км* батыш тарапта. Тентек-Сай т. ж. бекетинен (Өзбекстан) 20 *км*. Калкы 3527 (2007); негизинен дыйкан ж-а фермер чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КО́МИ-ПЕРМЯ́К АВТОНО́МИЯ ОКРУГУ Россиянын курамындагы адм.-айм. бирдик. 1925-ж. 26-февралда Урал, 1935-ж. Свердлов, 1938-жылдан Пермь обл-нун курамына кирген. Кама д-нын жогору жагында, Урал алдында жайгашкан. Аянты 32,9 миң *км*². Калкы 146,5 миң (2003). Адм.-айм. жактан 6 районго, 1 шаарга, 3 шаарчага бөлүнөт. Борбору – Кудымкар ш.

Приволжье федерация округуна кирет. Автономия округдун шайлоочулары Пермь обл-нун шайлоосуна катышууга акылуу. 2007-жылдан К.-П. округу болуп кайрадан түзүлүп, Пермь облусунун курамына өзгөчө адм.-айм. бирдик болуп кирген.

Калкынын негизин коми-пермяктар (60,2%) түзөт, о. эле орус ж. б. улут өкүлдөрү да жашайт. Динге ишенгендери православныйлар, эски каада-салтты туткандар ж-а протестанттар да бар. Орт. жыштыгы 1 *км*² жерге 4,4 киши. Шаар калкы 26,5%.

Табияты калктын жашоосуна орт. жагымдуу. Экол. абалы канааттандырарлык. Январдын орт. темп-расы –15°Сден –17°Сге чейин, июлдуку 17–18°С. Жылдык жаан-чачыны 500 *мм*ге жакын. Башкы дарыясы – Кама (кеме жүрөт). Аймагынын $^4/_5$ бөлүгүн тайга ээлейт.

Региондун дүң продукциясынын көлөмү 2443,3 млн рубль. Андагы ө. ж-дын үлүшү 19%, а. ч-ныкы 39,4%. Токой (ө. ж. өндүрүшүнүн 51,4%и); ө. ж. комплекси өнүккөн. О. эле жыгаччылык, тамак-аш (30,3%), электр энергетика (5,8%) ө. ж. ишканалары иштейт. А. ч-га жарактуу жери 132 миң *га*, а. и. 115 миң *га*сы айдоо аянты. Эт-сүт багытындагы мал чарбачылыгы өнүккөн. Дан эгиндери (кара буудай, буудай, арпа) айдалат. Округдун түндүгүндө териси баалуу айбанаттар асыралат.

Т. ж. жок. Автомобиль жолунун уз. 1690 *км* (а. и. асфальтталганы 335 *км*). Пожва ж-а Майкоп шаарчаларында дарыя порту, Кудымкарда аэропорт бар. Округда жалпы билим берүүчү 154 мекеме, 9 башталгыч ж-а атайын окуу жайы, 2 ЖОЖ (а. и. [illegible]дмурт ун-тинин филиалы), театр, улуттук м[illegible]ий борбор, 3 музей (а. и. край таануу) ин[illegible]т.

Ад.: Коми[illegible]мяцкий Автономный облус//Россия. М., 2004; [illegible]ная Российская энциклопедия. Том 14. М., 200[illegible]

Т. Чодураев.

КОМИССА[illegible]ЖЕ́ВСКАЯ Вера Фёдоровна [27. 10 (8. 11). [illegible]54, С.-Петербург – 10 (23). 2. 1910, Ташкент; [illegible]огү С.-Петербургга коюлган] – орус актрисасы. К. комедия ж-а ыр м-н жазылган водевилдерди ийине жеткире аткарган чебер болгон. Драмалык таланты А. Островскийдин «Сепсиз кыз» драмасындагы Ларисанын ролунан айкын көрүнгөн. А. Чеховдун «Ак чардак» (1896) пьесасындагы Нина Заречнаянын ролу бүткүл орус театры үчүн жаңы табылга катары зор мааниге ээ болгон. 1904-ж. Петербургда менчик театр ачып, анда М. Горькийдин «Дачниктеринде» Варвара Михайловнанын, «Күн балдарында» Лизанын, Г. Ибсендин «Куурчак үйүндө» Норанын ролун көркүнө чыгара аткарган. 1906-ж.



В. Ф. Комиссаржевская – Беатриса. М. Метерлинк, «Беатриса эже».

В. Э. Мейерхольд койгон Метерлинктин «Беатриса эже» спектаклинде Беатрисанын ролу К-га зор ийгилик алып келген. Адегенде Мейерхольдду колдоп, ал койгон А. А. Блоктун «Балаганчик», Л. Н. Андреевдин «Адам өмүрү» спектаклдерин «режиссёрдун шедеври» деп эсептеген. Кийин Мейерхольддун катаал композициясы актёрдук чеберчилигимди чектеп жатат деп эсептеп, Мейерхольдду театрынан кетирген. 1909-ж. К. театрын жабууну чечкен.

Ад.: *Рыбакова* Ю. П. В. Ф. Комиссаржевская. Летопись жизни и творчества. СПб., 1994.

КО́МИ ТИЛИ, к о м и - з ы р я н т и л и – Коми Респ-нда жашаган *комилердин* тили. Финн-угор тил уясынын пермь топчосуна кирет. К. т-нин жазмасы 14-к-да түзүлгөн. Онго жакын говору бар. Адабий тили Улуу Октябрь рев-ясынан кийин сыктывкар-вычегда говорлорунун базасында калыптанган. Комилер эки тамга (о, і) кошумчаланган орус алфавитин колдонот.

КОМИЦИЙЛЕР (лат. comitia – чогулам) – Байыркы Римде мыйзам кабыл алып, согуш ж-а тынчтык маселелерин чече турган кызмат адамдарын шайлай турган элдик чогулуш. К-дин 3 түрү болгон. Куриялык К. – куриялар б-ча патрицийлердин чогулушу. Аны адегенде интеррекстер ж-а падышалар (б. з. ч. 8–6-к-да) чакырып, падышаны шайлоо, согуш, тынчтык ж. б. маселелерди чечүү үчүн өткөрүлгөн. Респ. доордо К-дин башка түрлөрү пайда болгон соң, анын саясий мааниси жоголгон. Центуриялык К. – центуриялар б-ча плебей ж-а патрицийлерди бириктирип өтүлгөн чогулуш. Центуриялык К-лер согуш ж-а тынчтык, жогорку магистраттарды шайлоо маселелерин чечип, сот милдетин аткарган. Аны жогорку магистраттар Марс талаасында өткөргөн. Трибалык К. – триба-дубан аймактары б-ча бардык жарандардын чогулушу. Аны чогулуштарда элдик трибундар ж-а плебей эдилдери шайлаган. Плебей м-н патрицийлердин күрөшүнүн натыйжасында б. з. ч. 287-жылдан Гортензия мыйзамы б-ча алар мыйзам чыгаруу, соттук ж-а магистраттарды шайлоо бийлигин алып, элдик чогулуштун бир түрү болуп калган. 1-к-дын аягында К. маанисин жоготкон.

КОММЕНСАЛИ́ЗМ (лат. commensalis – табакташ) – табияттагы бир түрдөгү организмдердин башка бир түрдүн эсебинен, аларга зыян келтирбей жашоосу (азыктануу же чөйрө катары пайдалануусу). Мис., эки түрдүн популяцияларынын особдорунун бири-бири м-н болгон мамилелеринде бир түр үчүн пайдалуу, ал эми экинчи бир түр үчүн пайдасы да, зыяны да жок мамилелер. Жаныбарлардын өз ара мамилелеринин мүнөзүнө карата К. үчкө бөлүнөт: 1) комменсал башка түрдөгү организмдерди азык катары пайдаланат, мис., качкын-рак ээлеген үлүлдүн ичинде муунак курт жашап, рактын азыгынын калдыктарын жейт; 2) комменсал башка түрдөгү организмге биротоло же убактылуу жармашып жүрөт, мис., жабышкак балык соргуч сүзгүчтөрү м-н акула ж. б. ири балыктарга жабышып, алар м-н кошо сүзүп жүрөт; 3) комменсал ээсинин органдарынын ичинде жашайт, мис., баканын арткы ичегисинде жашаган айрым инфузориялар ж. б.

КОММЕНТА́РИЙ – 1) кандайдыр бир текстке берилген түшүндүрмө; 2) бир нерсенин жөнүн чечмелеп түшүндүрүү, тактоо, аныктоо иретиндеги сын пикирлер, кошумча айтылган ойлор; 3) адабий текстти, мурастарды изилдеп, филол. багытта изилдеп-иликтөөнүн түрү. К. чыгармалар жыйнагында, мемуардык эмгектерде, атайын ил. басылмаларда ж. б. пайдаланылат.

Анда тиги же бул чыгарманын жазылыш ж-а басылыш тарыхынан кабар берилет, ал ж-дө жазылган ар түркүн эмгектер (макала, рецензия, пикир ж. б.) мүнөздөлөт, лингв., текстол. тактоолор жүргүзүлөт. К. мазмуну б-ча текстол., тарыхый-адабий, биогр., лингв. болуп бөлүнөт. Булардын ар бири өзүнө гана тиешелүү маселелерди К-лейт.

КОММЕРЦИЯЛЫК БАНКТАР (англ. commercial clearing bank) – келишимдик шартта кредиттик-эсептик ж-а банктык башка юрид. ж-а жеке жактарды операциялар ж-а кызмат көрсөтүү аркылуу тейлөөчү универсалдык типтеги кредиттик мекемелер. К. б. төмөнкү негизги милдеттерди аткарат: 1) акча *салымдарын* кабыл алат ж-а жайгаштырат; 2) *кредиттерди* тартат ж-а берет; 3) кардарлардын ж-а банк-корреспонденттердин тапшырмасы б-ча *эсептерди* ж-а аларды *кассалык* тейлөөнү жүргүзөт. К. б. ишке ашыруучу операциялар пассивдүү ж-а активдүү деп бөлүнөт. Пассивдүү операциялар – *депозиттерди* кабыл алуу, *акцияларды, облигацияларды,* башка баалуу кагаздарды сатуу жолу м-н акча ресурстарын тартуу. Активдүү операциялар – кредиттерди берүү, акцияларды ж-а баалуу кагаздарды сатып алуу аркылуу акча ресурстарын жайгаштыруу. К. б. кош максатты көздөйт: 1) кардарлар *акчасын* кайтарып алуу талабын канааттандыра алгыдай абалда болуу; 2) өз каражаттарын пайдалуураак чөйрөгө салуу. Активдердин бир бөлүгү тез өтүмдүү формада сакталат. Бул активдер кардарлар акчасын кайтарып алууга алардын бардык эле кечиктирилгис талаптарын К. б-дын аткаруусуна мүмкүнчүлүк түзөт, бул өз кезегинде калктын К. б-га болгон ишенимин арттырат. К. б-дын активдеринин башка бөлүгү мамлекеттик *баалуу кагаздарга* ж-а белгиленген *проценти* м-н жеке менчик *корпорацияларга* портфелдик инвестициялардан, о. эле *ссудалардан* пайда алуу максатында пайдаланылат. Кырг-нда бир нече К. б. («Кыргызстан», «Экоисламикбанк», «Доскредобанк», «Аманбанк» ж. б.) иштейт.

КОММЕРЦИЯЛЫК ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ – көрүүчүлөрдүн каалоосун эске алып, курулуш, спорт, медицина, театр, кино, музыка ж. б. программалар м-н камсыз кылуучу, о. эле акы төлөнүүчү телекөрсөтүү.

КОММУНАЛДЫК МАШИНАЛАР – эл жашаган аймактарды (шаар, кыштак), коомдук жайларды, имараттарды, кир кийимдерди хим. ж-а санит. жактан тазалоочу ар кандай машиналар. Имараттарды тазалоо, кир жууш үчүн пайдаланылуучу аз кубаттуулуктагы ж-а кичине габариттүү машиналар турмуш-тиричилик приборлоруна кирет (к. *Кир жуугуч, Чаң соргуч*). Шаар чарбасында тазалоо иштерин аткаруучу алгачкы К. м. 19-к-дын 2-жарымында пайда болгон. Калк отурукташкан аймакты санит. тазалоо атайын ассенизация (зыянсыздандыруучу) машиналары, таштанды ташыгыч, ылай сордургуч (канализация кудуктарын тазалоочу) машиналар м-н, жыйнаштыруу иштери шыпыруучу, суу чачып жуучу машиналар, кар тазалагыч, кум чачкыч ж. б. м-н жүргүзүлөт. Ассенизациялоочу К. м-да цистерна, соруучу насос ж-а шланг орнотулуп, суюк ыпластарды сордуруп ташып кетет. Катуу таштандыларды ж-а тиричилик калдыктарын ташуучу К. м. кузовдуу ж-а контейнерлүү болот. Алар автоматтык түрдө таштандыны шыкоочу, жүктөөчү ж-а түшүрүүчү түзүлүштөр м-н жабдылат. Жайкысын тазалоо иштеринде (о. эле имараттын ичин тазалоодо) шыпыргыч, суу чачкыч, пол жуугуч, чаң соргуч, кышкысын кар шыпыргычтар, жүктөгүчтөр ж-а кум чачкыч ж. б. электрдик машиналар колдонулат. Ал эми хим. тазалоо иштеринде ар кандай мех. каражаттар, жуучу автоматтар пайдаланылат.



Коммуналдык машиналар: 1 – КО-8[illegible]2-1; 2 – вакуум машинасы КО-503В; 3 – таштанды ташыгыч (КО-440-7); 4 – МКМ-1903.

КОММУНИ́ЗМ (лат. kommunic – орток, жалпы) – марксчил концепцияда капитализмди алмаштыруучу ж-а өндүрүш каражаттарына болгон жалпы менчикке негизделген коомдук-экон. көрүнүш; К. өндүрүш каражаты жалпы элдик менчикке айланган, коомдун бардык мүчөлөрү социалдык теңчиликке жетишкен, «ар кимдин жөндөмүнө жараша, ар кимге керегине жараша» деген принципти ишке ашыруучу тапсыз коомдук түзүлүш. К. – социализмдин өнүккөн, жогорку баскычы катары каралат. Учурда бул термин мурдагы Сов. Союзунун ж-а анын өнөктөштөрүнүн саясий ж-а экон. түзүлүшүн мүнөздөгөнгө колдонулат. К. идеясы пайда болгондон эле (байыркы Кытай, Грек, Рим ж. б. өлкөлөрдө) мүлктүн орток ж-а адамдардын тең укуктуу болушу талап кылынган. Бул талапты 15-к-да Чехияда гусчулар кыймылынын (М. Гуска), 16-к-да Германияда дыйкандар согушунун (Т. *Мюнцер*), 17-к-да Англияда, 18-к-да Францияда бурж. рев-янын катышуучулары (Ж. Уинстэнли, Г. Бабёф) рев-ылык күрөш-

түн ураяны катары жарыялашкан. 16–17-к-да көптөгөн гуманисттер (Т. *Мор, Платон* ж. б.), 18-к-да Француз агартуучулары (Морелли, Г. Мабли ж. б.) К. идеясы ж-дө көз караштарды иштеп чыгышкан. 19-к-да А. Сен-Симон, Ш. Фурье, Р. Оуэн сыяктуу утопист-социалисттер К. ж-дөгү түшүнүктөргө эмгек, адам муктаждыгын канааттандыруу, эмгекке жараша болуштүрүү ж. б. идеяларды киргизген. Бирок, утопиялык коом[illegible] жеке менчикке, мүлк теңсиздигине жол бер[illegible]ген. 19-к-дын 40-жылдарында К. Маркс м-н Ф. [illegible]ьс К-дин ил. теориясын (пролетардык ре[illegible]ын негизинде капитализмди кулатып, соц[illegible]измге өтүү ж-а коммунисттик коомду куруу [illegible]ам ченемдери ж. б.) иштеп чыгышкан. М[illegible]изм теориясы коомдук өнүгүүнүн мыйзам[illegible]емдүүлүгүн түшүндүрүп гана тим болбой, ани[illegible]згөртүү жолдорун аныктап, социализмди утопиядан илимге айландырган. В. И. Ленин К. теориясын андан ары өнүктүргөн, бирок Коммунисттик идеяны коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө башкаруучу партия мамл. органдарды такыба көзөмөлгө алышына жол берген доктринага айландырып жиберген. Бул доктринанын 2 негизги элементи болгон. Биринчиден, жумушчу табынын кызыкчылыктарын көздөгөн Коммунисттик партия жетекчилик ролду ойногон. Партия «демократиялык централизм» принцибинин негизинде иш жүргүзүп, мамл. башкаруу органдарын көзөмөлдөгөн. Экинчиден, коомдук менчик ж-а экономиканы пландоо болгон. Эл чарбасы, ө. ж. тармагы пландуу экономика аркылуу ишке ашырылып, аны кеңири алкакта борбордоштуруу саясаты жүргүзүлгөн. А. ч. ишканаларына, завод-фабрикаларга алдын ала өндүрүш тапшырмалары берилип, баалар түзүлүп, эмгек нормалары аныкталган. Рынок экономикасына ж-а өндүрүш каражаттарынын жеке менчикке өтүүсүнө тыюу салынган. Бирок, бул принцип толугу м-н ишке ашкан эмес. Мис., Сов. Союзунда пролетариат диктатурасынын принцибине ылайык тоталитардык бийликтин орношуна жол берилген. Коммунисттик моделдин натыйжасыздыгынан ж-а демократиянын жоктугунан Батыш Европада (марксизмдин жактоочулары тарабынан деле) көп айыптала баштаган. 1970-ж. еврокоммунизм идеялары м-н куралданган батыштагы Коммунисттик партиялар лениндик «пролетариат диктатурасы» теориясынан баш тартып, демокр. ин-ттарды кабыл алган. Кийинки он жылдыкта К-ди ортодокстук ревизиялоо Сов. Союзуна ж-а Чыгыш Европа өлкөлөрүнө кеңири жайылган; натыйжада, тынчтык рев-ларынын негизинде Коммунисттик партиянын бийлиги жоюлуп, рынок экономикасына ж-а эркин демократияга жол ачылды. Агр. коомдон индустриялаштырууга өтүүдө К-дин ойногон ролуна тарых келечекте өз баасын бериши мүмкүн, бирок К. ж-дөгү идеялар адам тарыхынын акыркы максаты болуп эсептелбейт, бирок ыймандуу салымдары м-н К. кандайдыр бир деңгээлде коомдо жашай берет.

Ш. Керимова.

КОММУНИ́ЗМ – Баткен обл-нун Лейлек р-нундагы кыштак. Кулунду айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 630 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Исфана ш-нан 40 км түн.-чыгыш тарапта. Пролетарск (Тажикстан) т. ж. бекетинен 20 *км*. Кыштак 1955-ж. пайда болгон. Калкы 3370 (2010); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар.

КОММУНИ́ЗМ – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Жоош айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 815 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кара-Суу ш-нан 8 *км* түш. тарапта. Калкы 1001 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет.

КОММУНИ́ЗМ (мурдагы К а р г а ш а, К ы з-Э м ч е к) – Ош обл-нун Алай р-нундагы кыштак. Жошолу айыл округуна караштуу. Жошолу суусунун боюнда, деңиз деңг. 1750 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 10 *км* чыгыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 93 *км*. Калкы 1005 (2009); негизинен мал багышат. Негизги мектеп, китепкана бар.

КОММУНИ́ЗМ ЧОКУСУ (1962-ж. чейин Сталин атн. чоку) – Памирдин эң бийик чокусу, Илимдер Академиясы кырка тоосунда (Пётр Биринчи кырка тоосу м-н ашташкан жерде). Бийикт. 7495 *м*. Капталдарында жалпы аянты 136 *км*^{2}ге жеткен ири фирн талаалары, мөңгүлөр (Бивачный, Гармо, Памир фирн платосу) бар. Альпинизм өнүккөн; чокуга алгачкы жолу (1933) сов. альпинист Е. М. Абалаков чыккан. Тажикстанда. 1999-ж. тажик мамлекеттүүлүгүнүн алгачкы негиздөөчүсү Исмаил Саманинин аты берилген.

КОММУНИ́СТ – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Кызыл-Кыштак айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 920 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 29 *км* түш.-батыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 8 *км*. Калкы 2110 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, ФАП бар.

КОММУНИСТТИК ИНТЕРНАЦИОНА́Л, Коминтерн, 3-Интернационал – эл аралык уюм (1919–43). 1-, 2-Интернационалдардын мураскору катары пролетардык кыймылдын идеялык саясатын улантуучу болуп саналат. Аны В. И. *Ленин* уюштурган. К. И-дын 7 конгресси (март 1919; июль–август 1920; июнь–июль 1921; ноябрь–декабрь 1922; июнь–июль 1924; июль–сентябрь 1928; июль–август 1935) өткөрүлгөн. 2-дүйнөлүк согуш мезгилинде фашизмге каршы күрөш жүргүзүүнүн башкы демилгечиси катары

белгилүү. Ошону м-н бирге коммунисттик партиялардын жаңы, татаал шартта иштеши биригүүнүн жаңы уюмдашуу формаларын талап кылган. Ушуга байланыштуу 1943-ж. 15-майда Коммунисттик Интернационалдын Аткаруу Комитетинин Президиуму К. И-ды таратуу ж-до чечим кабыл алган.

Ад.: *Ватлин А. Ю.* Коминтерн: первые десять лет. Исторические очерки. М., 1993; История Коммунистического Интернационализма. 1919–1943. Документальные очерки/Под ред. А. О. Чубарьяна. М., 2002.

КОММУТАТИВДИК (лат. commutativus) — орун алмаштыруу закону — $a+b=b+a$, $ab=ba$ теңдештиктери м-н туюнтулган сандарды кошуу ж-а көбөйтүү касиети, б. а. бинардык алг. амалдарды капааттандыруучу закон. Эгер $a \cdot b = b \cdot a$ болсо, $a \cdot b$ амалы жалпысынан К. деп аталат. К. касиеттери көп мүчөлөрдү кошуу ж-а көбөйтүү учурларында аткарылат; вектордук көбөйтүндүдө $[a, b] = -[b, a]$, матрицаларды көбөйтүүдө, сандарды болүү ж-а кемитүүдө ($a:b = b:a$; $a - b = b - a$) К. аткарылбайт.

КОММЮНИКЕ (лат. communico — билдирем, кабарлайм) — эл аралык сүйлөшүүлөр ж-а мамлекеттер аралык макулдашуулар ж. б. ж-дөгү расмий билдирүүлөр.

КОМОР АРАЛДАРЫ, Комор Аралдар Союзу — Инди океанындагы мамлекет. Мозамбик кысыгынын түндүгүндө, Африканын чыгыш жээгине жакын жайгашкан. Аянты 1862 *км²*. Калкы 627,0 мин (2008). Адм.-айм.





жактан 3 аралга [Нгазижа (Гранд-Комор), Нжуани (Анжуан), Мвали (Мохели)] болунөт. Борбору — Моронии ш. (Нгазижа а-нда). Акча бирдиги — комор франкы.

К. а. — БУУнун (1975-жылдан), ЭВФтин (1976), Эл аралык реконструкция ж-а өнүгүү банкынын (1976), Араб өлкөлөрү лигасынын (1993) ж-а Африка Союзунун (1975; 2002-ж. чейин ОАЕ) мүчөсү.

К. — союздук мамлекет. Башкаруу формасы — президенттик республика. Мамлекет башчысы ж-а аткаруу бийлигин президент аткарат (Комор-Аралдар Союзуна караган аралдардын биринен ротациялык негизде 4 жылга шайланат). Мыйзам чыгаруучу жогорку органы — бир палаталуу парламент (33 депутаттан турат). Көп партиялуу. Башкы партиялары — Автономия аралдар партиясы, Комордун кайра жаралышы үчүн конвенция партиясы.

Калкынын негизин анталоатра (95%; жерг. африкалыктар м-н арабдардын, малагасилер м-н европалыктардын никелешүүсүнөн пайда болгон) түзөт; о. эле арабдар, индайлер, кытайлар, французлар да жашайт. Расмий тили — комор (аралдын диалекти м-н), француз ж-а араб тилдери. Ислам динин тутат[illegible]г. жыштыгы 1 *км²* жерге 300 киши. Ири ш[illegible]ары: Морони (22 мин), Муцамуду (14 мин).

Аралдары тоолуу; Аракетте[illegible]бир нече жанартоо бар. Эң бийик жери — Кө[illegible]ла тоосу (бийикт. 2360 *м*). Климаты тропиктик [нымдуу ж-а ысык (ноябрь–май)] ж-а [illegible]саттык (кургак, салыштырмалуу салкын). Эң суук айынын орт. темп-расы 23–24°С, эң ысык мезгилде –27... –28°С, тоолорунда 14–15°Сге чейин төмөндөйт. Жылдык жаан-чачыны 1100 *мм*ден 3000 *мм*ге чейин (жанартоо массивинин айдарым беттеринде). Нгазижа а-нда туруктуу аккан суусу жок, башка аралдарында кыска ж-а тез-тез соолуп калуучу агын суулары бар. Кратерлерде көлдөр кездешет (суусу таза). Флора м-н фаунасы эндемиктер. Айдарым капталдарында бийик оскон тропиктик токойлорунда лианалар м-н жыгач сымал папоротниктер ж-а орхидеялар, токойлорунда жыланач уруктуулардын байыркы өнүлдөрү, тоолордун этегинде ж-а түздүктөрүндө сейрек токой, саванна, жаш платолорунда чөп ж-а суу жээктеринде мангр өсүмдүктөрү өсөт. Сүт эмүүчүлөрдүн 20дан ашык (а. и. мангуст лемуру, тенрек), канаттуулардын 100гө жакын (анын 40% тейи эндемик; комор ача куйруктуулары, комор ак козу ж. б.), сойлоп жүрүүчүлөрдүн 20дан ашык түрү (хамелеондор, жашырын көздүүлөр, фельмузалар) ж-а Нгазижа а-ның жээктеринде жоголуп бараткан латимерия (чеңгел канаттуу балык) кездешет. Мохели деңиз паркы уюштурулган.

Анжуан а-нда калк б. з. 5-к-да эле отурукташкан. Архипелаг 12-к-да Килвы султандыгынын (Танзаниянын аймагында арабдар уюштурган) бийлигинин астында болгон. Арал ж-до алгач 1598-ж. голландиялык саякатчы К. Хаутман жазган. 1600-ж. Африкадан, Чыгыш Араб өлкөлөрүнөн, Индонезия ж-а Мадагаскардан элдер көчүп келип отурукташа башташкан. 15-к-дан 19-к-га чейин мусулмандардын эзелги болуп келген. 1912-ж. Франциянын колониясы деп расмий жарыяланган. 1946-ж. Франциянын «деңиздеги алыскы аймагы» статусун алган. 1975-ж. арал көз каранды эместикке ээ болуп, бирок Майотта а. Франциянын бийлигинин астында калган. 1978–79-ж. бир нече жолу мамлекеттик төңкөрүштөр болгон. 1978-ж. октябрда жаңы конституция кабыл алынып, К. А. Ислам Республикасы (ФИРКО) аталган. 2007-ж. кайрадан шайланган президент аралдардын баарына көз каранды эместикти берген. К. — агр. өлкө. Экономикасы чет өлкөлүк жардамга көз каранды. Жер-

КОМОР АРАЛДАРЫ



Терендик жана бийиктик шкаласы, метр менен



Эскертүү: Майотта Франциянын „аймактык бирдиги" болуп эсептелет. БУУнун генералдык Ассамблеясы Комор Аралдары Союзунун укугун Майотта (Маоре) аралында тааныйт.

Масштабы 1:6 250 000

дамды негизинен Франция, Япония, Сауд Арабиясы, Бириккен Араб Эмирликтери ж-а Кувейттен алат. ИДПнин көлөмү 1,26 млрд доллар (2007; аны киши башына бөлүштүргөндө 1100 доллардан туура келет), андагы а. ч. секторунун үлүшү 40%, ө. ж-ныкы 4%, тейлөө чөйрөсүнүкү 56%. Ө. ж. начар өнүккөн. Эфир май, копра, тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт. Самын кайнатылат. Сыртка эфир майын (иланг-иланг, жылына 45 тга жакын эссенция алынат, дүйнөдө 1-орунда), чеге гүл (дүйнөдө 4-орунда), ваниль (6-орунда), кокос пальмасы (Мвали а-нда; 77 мин *т*, жаңгагы), корица (татымал), кофе ж-а какао чыгарат. Керектөөлөрү үчүн банан, маниок, күрүч, таро, батат, ямс, жүгөрү ж-а бал камыш өстүрүлөт. Аймагынын 7% ин жайыт ээлейт. Бодо мал, эчки, кой ж-а эшек асыралат. Балык кармалат. Жыгач даярдалат. 2006-ж. 20 млн *кВт·с* электр энергиясы өндүрүлгөн. А. ч. продуктулары экспорттолот. Автомобиль жолунун уз. 880 *км* (а. и. 673 *км*и асфальтталган). Негизги порттору: Морони, Муцамуду. Деңиз соода флоту 144 кемени камтыйт (а. и. 70и башка өлкөнүн желеги м-н жүрөт). Морони ш-нда эл аралык аэропорт бар. Туризм өнүгүүдө (жылына 20 мин турист келет). Негизги сырткы соода шериктештери: Нидерланд, Франция, Италия, АКШ, Сингапур, Түркия ж-а Пакистан.

Ад.: Коморские острова / /Всё о странах мира, атлас-справочник, М., 2006; Коморы // Большая Российская энциклопедия. Т. 14. М., 2009.

Р. Карачалова.

Комор акчасы.





КОМПАКТТУУ АРИП ТЕРҮҮ — ар кандай жазуу материалдарындагы тамга, сөз, текстти тыгыз же майда шрифт м-н терүүнүн аталышы.

КОМПАКТТУУЛУК (лат. compactus — тыгыз, кысылган) — топологиядагы негизги түшүнүктөрдүн бири; эгерде көптүк чекиттеринин (элементтеринин) каалаган чексиз удаалаштыгы да ошол көптүккө тиешелүү жок дегенде бир пределдик чекит болсо, анда ал компакттуу көптүк деп аталат. Тегиздиктеги бардык чектелген туюк көптүк К-ка мисал болот. Метрикалык мейкиндик элементтеринен түзүлгөн ар бир удаалаштык пределдик чекитке ээ болсо, андай мейкиндик да компакттуу. Компакттуу мейкиндиктер төмөнкүдөй касиеттерге ээ: 1) компакттуу мейкиндиктердин каалагандай декарттык көбөйтүндүсү кайрадан компакттуу мейкиндик болот; 2) компакттуу мейкиндикте аныкталган үзгүлтүксүз функция төмөнкү ж-а жогорку чекке ээ; 3) компакттуу мейкиндиктин үзгүлтүксүз чагылдырууда түспөлү кайрадан компакттуу мейкиндикти берет. Матем. анализде Вейерштрасс принциби чоң мааниге ээ, мында чыныгы сандардын чектелген көптүгү К. деп аталган. *Функциялар теориясында* ж-а функциялык анализде компакттуу функциялардын көптүгү негизги роль ойнойт.

КОМПА́НИЯ (фр. compagnie; англ. company) — коммерциялык же өндүрүштүк ишмердик үчүн түзүлгөн жактардын ассоциациясы. К. өнөктөштүктүн, *корпорациянын* принциптеринде аракеттенет, о. эле *ишкердиктин* башка түрлөрүнө ээ боло алат. Мындай өнөктөштүк К-нын



Магниттүү компас.

автоматтык которууга арналган программасы. Эгерде интерпретатордо ЭЭМге киргизилип жаткан программанын ар бир буйругу (оператор) киргизилери м-н машина тилине которулса, ал эми К-до программа толук киргизилгенден кийин гана машина тилине которулат. К. башкапкы программаны объективдүү программага которуу учурунда баштапкы программанын синтаксиси ж-а эсептөөдө же салыштырууда колдонулуучу берилиштер программада аныкталгандыгын текшерет. К. баштапкы коддо жазылган программадагы программалоо тилинин эрежелери ж-а синтаксиси бузулган көрсөтмөлөр тизмесин түзөт. Тизме баштапкы программада зарыл болгон оңдоолорду жүргүзүүгө ж-а программаны түзөтүүдө программачыга жардам берет.

КОМПЛАНАРДУУ ВЕКТОРЛОР (лат. com – бирге ж-а planum – тегиздик) – бир тегиздикте жаткан же кандайдыр бир тегиздикке жарыш векторлор. Каалаган эки вектор ар убакта компланардуу болот, ал эми 3 вектор компланардуу болбой калышы мүмкүн. Нол вектор каалаган эки векторго компланардуу. $\bar{a}(x_1,y_1,z_1)$ $\bar{b}(x_2,y_2,z_2)$ ж-а $\bar{c}(x_3,y_3,z_3)$ векторлорунун скалярдуу-вектордук аралаш көбөйтүндүсү нөлгө барабар болот:

$$\begin{matrix} x_1 & y_1 & z_1 \\ x_2 & y_2 & z_2 \\ x_3 & y_3 & z_3 \end{matrix} = 0$$

Бул үч вектордун компланардуу болушунун зарыл ж-а жетиштүү шартын ырастайт. Мындай шарт аткарылбаса, ал векторлор компланардуу болбойт, б. а. бир тегиздикте жаткан түз сызыктар компланардуу, ал эми бир тегиздикте жатпаса, компланардуу болбойт. Дагы үч вектордун компланардуу болуу шарты $\alpha\bar{a}+\beta\bar{b}+\gamma\bar{c}=0$ м-н белгиленет, мында α, β, γ туруктуу сандарынын жок дегенде бироо нолго айланбашы керек.

КОМПЛЕКС (лат. complexus – байланыш, айкалыш) – *комбинаторика топологиясынын* негизги түшүнүктөрүнүн бири. Комбинаторика топологиясында геом. фигураларды элементардык фигураларга бөлүп кароо негизги ролду ойнойт. Геом. фигураларды *симплекстерден*, б. а. 3 өлчөмдүү мейкиндиктеги чекиттерден, кесиндилерден, үч бурчтуктардан ж-а тетраэдрлерден турат деп кароо ынгайлуу. Евклид (же гильберт) мейкиндигинде жайгашкан ж-а томонкудой касиетке ээ болгон кандайдыр бир симплекстердин чектүү көптүгү К. болот; бул көптүктүн эки симплекси же алардын жалпы чекиттеринин тобу эки симплекстин жалпы граны боло алат.

КОМПЛЕКСТҮҮ АВТОМАТТАШТЫРУУ – жалпы бир башкарууга бириктирилген ар түрдүү автоматтык түзүлүштөрдүн жардамы м-н берилген программалар ж-а режимдер аркылуу материалдарды иштетүү б-ча операциялардын жалпы комплекси; автоматтык машиналардын ж-а технол. агрегаттардын системасы м-н аткарылуучу өндүрүштү автоматташтыруу этабы. К. а-да технол. процести башкаруудагы адамдын милдетине процесстин жүрүшүн байкоо, аның көрсөткүчтөрүн талдоо ж-а жабдуулардын эң жакшы иштөө режимин тандоо кирет. К. а. өндүрүштүк процести башкарууну борборлоштурууга, иштеген адамдын санын азайтууга, жабдуулардын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатып, продукциянын сапатын жакшыртууга мүмкүндүк берет. К. а. – автомат-заводдорду ж-а автомат-цехтерди түзүү даражасына жеткен өндүрүштү толук автоматташтырууга өтө турган баскыч.

КОМПЛЕКСТҮҮ БИРИКМЕЛЕР – эритмеде кристалл торчонун түйүндөрүндө өз алдынча сакталa турган комплекстүү ион жайгашкан бирикмелер. Бир же бир нече молекула же ион м-н белгилүү бир валенттик абалда байланышкан металлдын, кээде металл эместин атомунан турган татаал ион комплекстүү ион деп аталат. К. б. комплекстүү анионду, комплекстүү катионду кармап турушу, же болбосо такыр эле ионго диссоциацияланбашы мүмкүн. Координациялык теориянын көз карашы б-ча ар кандай К. б-дин молекуласында оң заряддалган ион борб. орунду ээлеп, комплекс пайда кылуучу же борб. ион деп аталат. Анын айланасында карама-каршы заряддалган бир нече ион же электр нейтралдуу молекулалар – лигандлар жайгашат да, К. б-дин ички координациялык чөйрөсүн, ички чөйрөгө батпай калган иондор сырткы координациялык чөйрөнү түзөт. Борб. ионду курчап турган лигандлардын саны координациялык сан деп аталат. Комплекстин ички чөйрөсү эригенде туруктуулугун сактайт, сырткы чөйрөдө жайгашкан иондор эритмеде оной эле ажырайт. Ошондуктан ички чөйрөдө иондор борб. атом м-н иондуу эмес, сырткы чөйрөдө болсо, иондуу байланышкан. Мис., $PtCl \cdot 2KCl$ комплекстүү тузунун координациялык формуласы: $K_2[PtCl_6]$. Мында ички чөйрө кычкылдануунун даражасы 4^+ болгон платинанын борб. атомунан ж-а хлор иондорунан турат, ал эми калий ону сырткы чөйродон орун алат. Көптөгөн К. б-дин координациялык санын аныктоо м-н, А. Вернер борб. ондун заряды координациялык санга таасир этүүчү негизги фактор деген. К. б-ди атоо ички чөйрөнүн курамын көрсөтүүдөн башталат, андан кийин борб. атому аталат ж-а анын кычкылдануу даражасы көрсөтүлөт. *Анализ химиясында* бир катар металлды бөлүп ж-а аларды ото тазалыкта алуу үчүн гальваностегияда, боёгуч зат, сууну жумшартууда колдонулат. Көптөгөн К. б. – B_{12} витамини, гемоглобин, хлорофилл ж. б. физиол. ж-а биохим. процесстерде ото чоң роль ойнойт.

Ад.: *Киселев Ю. М., Добрынина Н. А.* Химия координационных соединений. М., 2007.

К. Сулайманкулов.

КОМПЛЕКСТҮҮ ЖЕР СЕМИРТКИЧТЕР – курамында ар кандай катышта эки, үч же андан көп азык элементтери (азот, фосфор, калий ж-а микроэлементтер) бар жер семирткичтер. К. ж. с. азык элементтеринин санына жараша экилтик (азот-калий, калий-фосфор, азот-фосфор) ж-а үчилтик (азот-фосфор-калий) деп бөлүнөт. Өндүрүп алуу ыкмасына жараша татаал, татаал аралашма ж-а аралашма, агрегаттык абалы б-ча – суюк ж-а катуу болуп да айырмаланат. Татаал К. ж. с-ге аммофос, диаммофос, калий селитрасы, полифосфаттар таандык. Татаал аралашма К. ж. с. экиден кем эмес азык заттарын камтыйт да, бирдиктүү технол. процесстин негизинде аммиактын, фосфор, азот ж-а күкүрт к-таларынын, аммоний нитратынын эритмесинин, фосфориттин ж-а аппатиттин, калий туздарынын ж. б. алгачкы компоненттеринин хим. өз ара аракеттенүүсүнөн алынат. Буларга нитрофоска, нитроаммафос, мочевина фосфаты, фосфор амиди кирет. Аралашма жер семирткичтер эки, үч жөнөкөй жер семирткичтерди мех. жол м-н аралаштыруудан алынат. Мында семирткичтерди аралаштыруу эрежесин туура сактоо талап кылынат.

Ад.: *Войтович Н. В., Андреев С. С., Шафран С. А.* Ассортимент минеральных удобрений и экономическая эффективность их применения. М., 2005.

Н. Дүйшомбиев.

КОМПЛЕКСТҮҮ МЕХАНИКАЛАШТЫРУУ – тоо иштерин үзгүлтүксүз ж-а үнөмдүү жүргүзүү үчүн колдонулуучу ар кандай механизмдерди топтоо. Кендерди, тоо тектерин ж. б. казуу, жүктөө, бир жерден экинчи жерге ташып кетирүү, түшүрүү, жыюу, казмаларды бекитүү, тазалоо сыяктуу иштерде колдонулуучу механизмдер (көмүр казуучу комбайн, конвейер, жүктөгүчтөр ж. б.). Тоо иштеринде коопсуздукту сактоодо, кендин өзүнө турган наркын төмөндөтүүдө зор мааниге ээ. Жүргүзүлүп жаткан ишти автоматташтырууда, аралыктан башкарууда, жумушчуларды пайдаланбоодо, ар кандай кокустуктан, кырсыктан, газ м-н өрттөн сактанууга, коркунучсуз иш жүргүзүүгө көмөк берет. Азыркы кезде өнүккөн өлкөлөрдүн бардыгы колдонот.

КОМПЛЕКСТҮҮ САНДАР – $z=x+iy$ түрүндөгү сандар; мында x ж-а y чыныгы сандар, $i=\sqrt{-1}$ мнимый бирдик. x – чыныгы, y – жалган (мнимый) болүгү. К. с. м-н болгон амалдар $i^2=-1$ шарты эсепке алынып, чыныгы сандар м-н болгон амалдардай эле аткарылат, К. с-дын тобу алг. касиеттери б-ча сан талаасын түзөт. Комплекстүү талаада n-даражадагы ар кандай алг. теңдеменин n чыгарылышы болот (тамырлардын эсептүүлүгүн кошо эсептегенде). $z=x+iy$ К. с. геом. түрдө тегиздикте абциссасы x жана ординатасы y болгон M чекитин же ошол чекитти координата башталмасы м-н бириктирген OM векторун билдирет (к.чийме). Бул чиймеден К. с-дын тригонометриялык $z=x+iy=r(\cos j+\sin j)$ же уюл координата $x=r\cos j$, $y=r\sin j$ формуласы келип чыгат. Мында $x=z+iy=r(\cos j+\sin j)$ экендиги келип чыгат. Мында $r=|z|=\sqrt{x^2+y^2}$ К. с-дын модулу, φ – аның аргументи деп аталат. Аргумент $\cos j=\frac{x}{r}$ же $\sin j=\frac{y}{r}$ барабардыктарынан аныкталат. $z=x+iy$, $z=x-iy$ комплекстүү түйүндөш сандар. К. с. физикада, техникада ж-а геогр. карталарды түзүүдө ж. б. тармактарда кеңири колдонулат.



КОМПОЗИТ МАТЕРИАЛЫ (composit) – озүнүн касиетин ж-а курамын өзгөртпөгөн, эки же бир нече *компоненттерден* турган материал. Эритмелерден айырмаланып, К. м. майда бөлүкчөлөрдүн кошундусунан туруп, бир түрдөгү катуу материалды түзөт. К. м-нын касиети компоненттердин касиеттерине жараша болот. Бирок, алардын кээ бири бузулууларга карата болгон туруктуулугу ж-а илээшкектүүлүгү м-н өзгөчө сапатка ээ. Алгачкы К. м. – самандан жасалган кыш, байыркы Египетте даярдалган. Катуулугун жогорулатуу ж-а бири бирин байланыштыруу үчүн саман кошулган. Азыркы темир-бетондун бышыктыгын ичке темир же болот арматуралар жогорулатат. Цементтин бекемдигин жогорулатуу үчүн була кошулат. Мурда мындай максатта асбест (кебез таш) буласы колдонулса, азыр айнектүү полимердүү ж-а накта була колдонулат. Коп катмарлуу материалдар да К. м-на кирет. 1980-жылдары металл – матрицалык К. м. пайда болгон ж-а керамика булалар, мис., алюминий оксиди ж-а кремний карбиди жеңил металл кошундуларынын бекемдигин жогорулатат. Мындай материалдардын сапаты жогорку темп-рада озүнүн касиетин сактоочу керамика булаларга байланыштуу.

КОМПОЗИ́ТОР (лат. compositor – түзүүчү, жаратуучу) – муз. чыгарма жаратуучу адам. К-лук кесип табигый муз. жөндөмдү ж-а атайын билим алууну талап кылат. Кырг-нда К-лор *Кыргыз улуттук консерваториясында* даярдалат. 1939-жылдан *Кыргызстан композиторлор союзу* иштейт.

КОМПОЗИ́ЦИЯ (лат. compositio – түзүү, ойлоп табуу дегенден) – 1) көркөм чыгарманын курулушу; көркөм форманын маанилүү компоненти. Ал чыгарманын мазмунуна, мүнөзүнө ж-а аткарган милдетине ылайык түзүлөт. К. искусствонун түрүнө, чыгарманын идеясына, материалына жараша ар кыл мүнөздө, ар кандай чөнемде берилет. К. а д а б и я т т а чыгарманын көркөм формасынын бөлүктөрүн максатка ылайык жайгаштырып, өз ара байланыштырат. К-нын компоненттерине автордук баяндоо, лирикалык чегинүү, портрет, пейзаж, интерьер ж. б. кирет. Ал эми драмада сцена – К-нын өзгөчө өтө ири компоненти. Лирикада К. өзүнчө өзгочөлүккө ээ. Анда чен, ыргак, уйкаштык, интонация, ойдун ырааттуу өнүктүрүлүшү маанилүү роль ойнойт. 20-к-дын аягында К-нын маанисинин күчөшүнө монтаждын пайда болушу (адегенде кинодо, кийин театрда ж-а ад-тта) зор таасир тийгизди. К. п л а с т и к а о н о р у н д о өкөркөм формаларды түзүүчү айрым учурларды (симметрия, асимметрия, масштаб, ритм, нюанс, контраст ж. б.) бириктирет; а р х и т е к т у р а д а көркөм идеялык принциптердин негизинде түзүлүп, айрым имараттардын, курулуштардын, бүткүл шаар курулушунун пландалышын ж-а көрүнүшүн аныктайт; с ү р ө т о н о р у н д о чыгарманын идея, сюжет ж-а тематикасынын конкреттүү иштелишин туюндурат. Музыкадагы К. ж-дө к. *Музыкалык форма*. Ш а х м а т т а г ы К. – шахмат этюддарынын ж-а маселелеринин түзүлүшү; 2) музыка, живопись, скульптура же графика чыгармалары, б. а. композитордун, сүрөтчүнүн чыгыш эмгегинин натыйжасы; 3) иск-вонун ар кандай түрлөрүн камтыган татаал көркөм чыгарма; окуу жайларда (консерватория ж. б.) өзгөчө окуу предмети катары өтүлөт. К. гармония, полифония, муз. чыгармаларды талдоо сыяктуу муз. теор. предметтер м-н тыгыз байланышта окулат.

Ад.: *Успенский Б.* Поэтика композиции. М., 1970; Архитектурная композиция. М., 1970; *Тимофеев Л. И.* Основы теории литературы. М., 1971; *Волков Н. Н.* Композиция в живописи. М., 1977; Объемно-пространственная композиция /Ред. А. В. Степанов. М., 1993; Теория современной композиции. М., 2007.

КОМПОНЕ́НТ (лат. componentis – түзүүчү) – бир нерсенин түзүүчү бөлүгү, элементи.

КОМПО́СТ (лат. compositus – үлүштүү) – түрдүү орг. заттардын аралашмасынын микроорганизмдердин таасири м-н чиришинен алынган жер семирткич. К-тоо үчүн шакел, чым көң, кык, чыла, таштандылар пайдаланылат. К. семирткичте сиңимдүү азык заттар (азот, фосфор, калий ж. б.) көбөйүп, илдет пайда кылуучу микрофлора м-н гельминттен зыянсыздандырылат, целлюлоза, гемицеллюлоза ж-а пектин заттары азайып, жер семирткичтин физ. касиети жакшырат. К-тун чым көң-кык, чым көң-чыла, кык-фосфорит, кык-суперфосфат сыяктуу бир нече түрү бар. Шаар таштандыларынан да К. даярдоого болот. К. бардык эгилме өсүмдүк үчүн түрдүү топуракта (гектарына 15–40 *т*) колдонулат.

КОМПРАДОР (испанча comprador – сатып алуучу) – экон. жактан артта калган өлкөдө тышкы соода м-н алектенип, чет өлкөлүк капитал м-н жерг. рыноктун ортосунда далдалчылык кылуучу ж-а андан пайда көрүүчү жерг. ири коммерсант.

КОМПРЕ́СС (лат. compressus – кысылган) – дарылоо максатында колдонулуучу атайын тануу. К. кургак, нымдуу ж-а жылытуучу болуп бөлүнөт. Кургак К. ооруган, жараланган же күйгөн жерди тышкы чөйрөнүн таасиринен сактоо ж-а жарадан чыккан ириң-канды сордуруу үчүн көбүнчө кебезден жасалат. Нымдуу компресс жылытуучу же муздатуучу болуп айырмаланат. Жылытуучу компресс сезгенүү процессинде ооруну басаңдатуучу, о. эле дарылоо каражаты катары колдонулат. Ал кан тамырларды кеңейтүү м-н денеңин керек жерине кандын келишин жакшыртат. Анын таасирин күчөтүү үчүн бинттин үстүнө жылыткыч койсо болот. Жылытуучу К-те чүпүрөк жарымына суу кошулган арак же спиртке чыланат. Ысык К. ооруну басып, сезгенүүгө каршы ж-а алаксытуучу таасир берет. Ал булчуң, муун ж. б. ооруганда, ошол жерди ысытуу үчүн колдонулат. Муздак К. катуу урунууда, мурун канаганда ж. б. коюлат, ооруну басаңдатып, ооруган жерге кандын келишин азайтат.

КОМПРЕ́ССОР – абаны, газды, бууну кысууга арналган *пневматикалык механизм*. Кысылган аба, ө. ж-да ж-а тоо-кен өндүрүшүндө бургулоо иштерин жүргүзүүдө коркунучсуз энергия булагы катары пайдаланылат. О. эле буу турбина-



Поршендүү компрессор: 1– муунактуу вал; 2 – шатун; 3 – поршень; 4 – жумуш аткаруучу цилиндр; 5 – цилиндрдин клапаны; 6 – соруп толтургуч түтүк; 7 – соруп толтургуч клапан; 8 – абаны соруп алгыч; 9 – соруучу клапан; 10 – муздатуучу суу жүргүч түтүк.

лык кыймылдаткычта колдонулат. Жөнөкөй К. алдыга-артка кыймылдоочу поршендүү цилиндрден турат. Капкагында соргуч ж-а толтургуч клапандары жайгашкан. Цилиндрлер улам кийинки баскычтарга биригет ж-а алардын ар биринин кысуу денгээли 7:1ге чейин. Кыскан маалда газ ысый баштайт да, муздатуучу систе-

ма талап кылынат. Кысылган газ май чачылып муздатылат. Жогорку кубаттуулуктагы К-лорго жогорку айлануудагы радиустук ж-а октук (өзөктүк) турбокомпрессорлор кирет.

КОМПРЕ́ССОР СТАНЦИЯСЫ – өндүрүш ишканаларында, магистралдык түтүктөрдө ж-а курулуш объектилеринде кысылган аба же газ алууда пайдаланылуучу агрегаттар комплекси. Кысылган аба же газ ар кандай продукцияны алууда (мис., абадан кычкылтекти, азот-суутек аралашмасынан аммиакты) энергия булагы же сырьё катары колдонулат. К. с-нын курамына компрессорлор ж-а көмөкчү жабдуулар м-н түзүлмөлөр – (кысылган газ сакталуучу көлөмдүү идиш, газ чогултkуч, суу бергич ж. б.) жайгаштырылган инж. коммуникация тармагы (муздак, ысык суу, буу жүргүч, канализация), негизги имарат, трансформатор подстанциясы, о. эле тиричилик бөлмөлөрү кирет. К. с. отко чыдамдуу материалдар м-н жабылып, күйбөй турган тосмо м-н бөлүнгөн өзүнчө имаратка жайгаштырылат.

КО́МПТОН ТОЛКУН УЗУНДУГУ – узундук чениие ээ ж-а релятивдик квант эффектисинин пайда болуу облусун билдирүүчү чоңдук. Бөлүкчөнүн массасы m ж-а универсалдык турактуулар h, c аркылуу туюнтулат: $\lambda к=h/mc$, мында h – Планк турактуулугу, c –вакуумдагы электр-магниттик толкундун ылдамдыгы, m – бөлүкчөнүн массасы. $\lambda_к$ Комптон эффектисиндеги электр-магниттик толкундун электрондон (протондон) чачырагандагы толкун узундугунун өзгөрүшүн ($\Delta\lambda$) мүнөздөйт. Электрон үчүн $\lambda_к \approx 3{,}9 \cdot 10^{-11}$ *см*, протон үчүн $\lambda_к \approx 2{,}1 \cdot 10^{-14}$ *см*. К. т. у. кванттык релятивдик процесстери сезилерлик болгондогу талаалардын мейкиндиктик бир тектүү эместигинин масштабын ж-а виртуалдуу бөлүкчө өзүнүн пайда болгон чекитинен канча аралыкка алыстай ала тургандыгын көрсөтөт. Ошондуктан ядролук күчтөрдүн аракет этүү радиусу (виртуалдуу адрондордун эң эле жеңили – р-мезондор м-н аныкталат) чоңдугун тартиби б-ча К. т. у-на барабар. Электрон-позитрон виртуалдуу жубунун пайда болушунун эсебинен боштуктун уюлдануусу электрондук К. т. у-ндай аралыкта байкалат.

КОМПЬЕ́Н ЖАРАШУУСУ – 1) 1-дүйнөлүк согушта (1914–18) жеңилген Германия м-н анын каршылаштары – АКШ, Англия, Франция ж. б. антигерманиялык коалициядагы өлкөлөр ортосунда 1918-ж. 11-ноябрда Компьен токоюндагы Ретонд станциясына жакын жерде (Франция) түзүлгөн келишим. К. ж. б-ча Германия Европадагы өзү басып алган аймактардан куралдуу күчтөрүн алып кетүүгө милдеттендирилген. Ал эми Германия басып алган сов. аймактан анын аскерлерин чыгаруу каралган эмес. Алар сов. Россияга ж-а Германиядагы рев-ячыл кыймылга каршы күрөшүү үчүн Германия армиясынын бир бөлүгүн сактаган. К. ж. *Версаль тынчтык келишимин (1919)* түзүлүшүнө алып келген; 2) 2-дүйнөлүк согуш учурунда 1940-ж. 22-июнда ошол эле жерде фашисттик Германия Франциянын А. Ф. Петен жетектеген чыккынчыл өкмөтү кол койгон келишим. Ага б-ча Петендин өкмөтү фашисттик Германияга каршылык көрсөтүүнү токтотуп, гитлерчилер Франциянын $^2/_3$ бөлүгүн оккупациялап, Франция армиясы м-н флоту таркатылып, колониал-жарак немистердин командачылыгына өткөрүлгөн. 1944-ж. гана Франция Германиянын кол астындык өзүүсүнөн кутулуп, К. ж. биротоло күчүн жоготкон.

Ад.: Международная политика новейшего времени в договорах, нотах и декларациях. Т. 2, М., 1926.

КОМПЬЮ́ТЕР (англ. computer, computer – саноо, лат. – эсептөө дегенден) – *маалыматты* иштетүү процессин автоматташтыруу үчүн колдонулуучу түзүлүш. К-нын иш-аракети программа аркылуу ишке ашырылат. «К.» терминин 1-жолу 1946-ж. англ. врач, илимпоз-энциклопедист Т. Браун киргизген. 1950-жылдан баштап эсептөө маселелерин чыгаруу үчүн К. деп аталган электрондук эсептөөчү машиналар (ЭЭМ) колдонула баштаган.

1834-ж. Ч. Бэббиж 1-жолу мех. эсептөөчү машина куруу идеясын айткан. 1930–40-жылдары Бэббиждин идеясы б-ча программа м-н башкарылуучу, релелик эсептөөчү машиналар (К. Цузенин Z-1 ж-а Z-3, Г. Айкендин Mark–I) курулган. 21-к-да К-дин бир канча мууну алмашты. Азыркы К. алгачкы К-дан арх-расы ж-а элементтик базасы м-н айырмаланат. Ж. Фон Неймандын айрым жоболору принципиалдуу болбогондуктан, мис., фон Неймандын убагынан бери экилик системаны тандоо, негизинен элементтик база м-н аныкталган. Биринчи ж-а экинчи муундагы К. ушуга негизделген. Бирок кийин фоннейман системасынын чектелүү экендиги байкалган. Бул системага ылайык, процессор эстен команданын бирин тандайт ж-а операндды текшерип, команданы аткарат да, жыйынтыгын эске жазат. Мына ошентип, эсептөө процесси эстин ырааты м-н (кадамдап) өзгөрүлгөн абалына алып келет. Кийин жарым өткөргүчтүү технологиялар өнүккөндүктөн, оперативдик эске караганда, борб. процессордун иштөөсү дайыма тез өнүккөн, бул болсо К. өндүрүмдүүлүгүн жогорулаткан. Бул каршылыкты жок кылуу үчүн борб. процессор м-н киргизүү-чыгаруу убактыларын бириктирүү, берилмени буферлөө, эсти бөлүштүрүү, тез регистрдеги эс, көп деңгээлдүү кэш-эс ж. б-ды киргизүү ишке ашырылган. Бул чечимдер процессор м-н эстин иштешин тең салмактайт, бирок бир эле команданы аткарууудан арылтпайт. Башка арх-ралык чечимдер бир эле убакта бир топ командаларды аткарууга шарт түзөт: процессордун бир программасынын бир нече командасын иштетүү убактысын бириктирүү (конвейер), бир убакта бир нече программаны же бир эле команданы түрдүү берилмелер м-н аткарган көп процессордуу эсептөө системасын түзүү ж. б-ды ишке ашырылды.

Агымдык эсептөө тармагындагы биринчи ишт[ер] 1968-ж. (Д. Адамс) пайда болгон ж-а бир [ка]нча агымдык К. макети түзүлүп, агымдык про[г]раммалоо тили Id (1978), SISAL (1983) ж. б. [ко]нушталып, алгачкы коммерциялык К. ишке [ки]ргизилген. Агымдык арх-раны ишке ашыруу[да] бир топ тех. ж-а технол. оор маселелер (кө[п]өмдүү эс-тутум, татаал туташтыргычты куруу [за]рылчылыгы) келип чыккан. Учурда жарыш К. өзүнүн арх-расында эсептөө моделинин фоннеймандык ж-а агымдык элементтерин камтыйт.

К. иштөө принцибине ж-а иштетилүүчү маалыматты көрсөтүү ыкмасына жараша аналогдук ж-а санариптик, арналышы б-ча көп кырдуу (универсал) ж-а адистештирилген (башка[ча]: *серверлер, жумушчу станция* ж. б.) К. [бө]лүнөт айырмаланат. Тигил же бул мүнөздөмө[нү]н жараша (ондүрүмдүүлүгү, процессор ж-а эстин өткөрүү жөндөмдүүлүгү, оперативдүү эс сыйымдуулугу, көлөмү ж. б.) суперкомпьютер *(супер-ЭВМ)*, чоң К. (к. *Мэйнфрейм*), миникомпьютер (к. *Жеке компьютер*), микрокомпьютерге бөлүнөт. Мис., суперкомпьютердин (CDC-6600, 1964) өндүрүмдүүлүгү 1 *секда* 10 млн операция болсо, ал эми тез ылдамдыктагы Roadrunner (IBM компаниясы иштеп чыккан, 2008) эң алгачкы болуп 1,026 петафлопс, б. а. 1 квадриллион операция/сек чегинен ашты.

К. ЭЭМге окшош, бирок электрондук К. башка да – электр-мех. (релелик) К., кванттык К., оптикалык К. да белгилүү. 21-к-да тирүү клетка, биомолекула, вирус ж.б-га негизделген биолог. К. жасоо б-ча изилдөө жүргүзүлүүдө. Колумбия ун-тинде (АКШ,2006) жөнөкөй ДНК-Кнын прототиби MAYA-II (Molekular Array of YES and AND logic gates – логикалык элементтин мол. матрицасы «ооба», «жок» ж-а «ж-а» операциясы) көрсөтүлгөн. К-дин сандык мүнөздөмөсүнүн өсүшүнө (анын чакан, эптүү болушуна, тез иштөөсүнө ж. б.) ж-а баасынын төмөндөшүнө байланыштуу адистин иш ордунун гана атрибуту эмес, күнүмдүк турмуштун да атрибуту болуп калды. Бул программалык камсыздоо базарынын, а. и. даярдыгы жок колдонуучуга багытталган колдонмо программанын өсүшүнө, өз кезегинде суроо-талаптын көбөйүшүнө алып келди. Жеке К. м-н бир катар портативдик К. *(ноутбук)*, чөнтөк К., жумушчу станция, сервер ж. б. да таркалган. Эң жөнөкөй К. – видеоойундар үчүн оюн түзмөктөрү, турмуш-тиричилик прибору, мобилдик телефон, сыналгы, фотоаппараттардын ишин башкаруучу орнотулма ж-а мобилдик эсептөө түзүлүштөрү эсептелет.

20-к-дын аягы – 21-к-дын башында К. маанилүү социалдык ж-а маданий феноменге айланды. К. технологиясын киргизүүнүн аркасында өндүрүш, байланыш, банк иши, илим, билим, маданият, иск-во, ММК, турмуш-тиричиликте зор өзгөртүүлөр болууда. К. билим берүүнүн (аралыктан окутуу ж. б.), ил. маалыматтардын (JSTOR китепканасы, *Интернет* ж. б.), көркөм ж-а филос. чыгармалар ж. б. ад-ттардын (электрондук китепканалар ж. б. долбоорлор), адабий баалуулуктар (виртуалдык музей, экскурсия ж. б.) жетимдүүлүгүн камсыз кылууда негизги ролду ойнойт. К-ди колдонуу жаңы көркөм технологиянын (компьютердик графика, компьютердик анимация, веб-дизайн ж. б.) пайда болушуна өбөлгө түздү.

Ад.: *Полунов Ю. Л.* От абака до компьютера: судьбы людей и машин. Т. 1–2. М., 2004–2005.

Ж. Асанкожоева.

КОМПЬЮ́ТЕР ВИРУСУ – башка программалык жабдыкка же файлга жугуп, аларды зыянга учуратуу үчүн иштелип чыккан компьютердик программа. Вирус программасы контакт болгон программалык жабдыкка же файлга өзүн жабыштырып коёт. Эгер вирус жуккан файл башка компьютер системасына жиберилсе же ага кайрылса, анда вирус башка системага да жугат. Азыркы учурда вирус программасы миңдеп саналат. Кеңири таралган программаларга киргизилген кээ бир вирустар бүт дүйнөгө тарайт. Текст иштетүүдө пайдаланылган макробуйруктарда вирус коддору жашырынып алат. Макробуйруктардан жуктуруп алган вирустуу документ ачылганда, вирус эске жүктөлөт ж-а андан башка программага жугат. Айрым вирустар компьютер системасында бир нече ай жатып, убагы келгенде аракетке келип, берилиштерди бузат, мис., «Жума; он үчүнчү» деп аталган вирус, айдын 13-күнү жума күнгө туш келсе, машинада баш аламандыкты пайда кылат. «Микеланжело» деп аталган вирус Michelangelo туулган күнү 6-мартта катуу дисктеги маалыматтарды өчүрө баштайт. Дагы бир «тире» деп аталган вирус башка вирустардай өзгө программаларга өзүн көчүрбөйт, ал жөн гана эске же дискке өзүн улам-улам көчүрмөлөй берип, эсти же дискти толтуруп коёт. Эсте же дискте орун калбай калганда, компьютер иштешин токтотот. Ошондуктан К. в. ага каршы программа м-н текшерилип ж-а тазаланып турат.

КОМПЬЮТЕРДИК ЛИНГВИ́СТИКА (созмо сөз англ. computational linguistics дегенден) – колдонмо лингвистиканын бир багыты, анда тилди изилдөөдө ж-а тигил же бул шартта, жагдайда, тилдин кызматын моделдөөдө компьютердик программалар, компьютердик маалымат иштетүү технологиялары түзүлөт ж-а колдонулат. Экинчи жагынан бул тилдин компьютердик моделдерин лингвистикада жана ага танап-

таш илим тармактарында пайдалануу чөйрөсү. Өзгөчө ил. багыт катары Европада 1960-жылдары калыптанган. Көп учурда тилди ж-а кепти изилдөөдө окуп-үйрөнүүнүн негизги аспабы катары анализдөөнүн сандык жана статистикалык методдорун колдонууну мүнөздөгөн «квантативдик лингвистика» термини К. л-нын алкагында каралат. Тил илиминде статистикалык методдорду колдонуу тилдин структуралык моделин ыктымалдуулук компоненти менен толуктоого, б. а. теор. түшүндүрүүгө ынгайлуу структуралык-ыктымалдык модель түзүүгө мүмкүндүк берет. Колдонмо жаатында квантативдик лингвистика ушул моделдин тилдин кызматына лингв. мониторинг жүргүзүүдө, коддолгон текстти чечмелөөдө, текстти авторлоштурууда (б. а. тексттин атрибуттарын аныктоодо) колдонулуучу фрагменттерин колдонот. К. л-ны ж-а анын проблемаларын баарлашууну моделдештирүү, б. а. адам менен ЭЭМдин табигый же чектелген табигый тилде өз ара аракеттенишүүсүн камсыз кылуу, о. эле маалымат издөө системасынын теориясы жана практикасы менен байланыштырышат. Текстти уюштуруунун өзгөчө ыкмасы же көп касиеттери б-ча китеп басууда калыптанган кадимки тексттен айырмаланган тексттин таптакыр жаңы түрү катары каралуучу гипертекстик системаларды түзүү б-ча жумуштар да белгилүү даражада К. л-га тийиштүү. Автоматтык которуу (текстти бир табигый тилден экинчисине компьютердин жардамы менен которуу) да К. л-да каралат. К. л-нын алкагында 1980–90-жылдардан активдүү өнүгүп жаткан салыштырмалуу жаңы багыт – корпустук лингвистика пайда болду, анда маалыматтардын (тексттердин) лингв. корпустарынын жалпы түзүлүш принциптери заманбап компьютердик технологиялар колдонулуп иштелип чыгат. Текст корпусу – бул маалымат алып жүргүчтөргө жайгаштырылган жана автоматтык иштетүүгө арналган китеп, журнал, гезит ж. б-дын атайын тандалган жыйнагы. Маалымат корпустарын конструкциялоодон башка корпустук лингвистика текст корпусунан ар кандай маалыматтарды алып чыгууга арналган компьютердик аспаптарды (компьютердик программаларды) да түзөт. К. л. б-ча изилдөө иштерин бүткүл дүйнөдө региондук түзүмдөрү бар К. л. ассоциациясы жүргүзөт.

Ад.: *Баранов А. Н.* Введение в прикладную лингвистику. 3-е изд. М., 2007; Компьютерная лингвистика и интеллектуальные технологии. М., 2008. Вып. 7.

С. Толоғонова.

КОМПЬЮ́ТЕР ЖАБДУУЛАРЫ – компьютерге берилишти киргизүү, аны иштетүү, алынган маалыматты чыгаруу ж-а сактоо үчүн колдонулуучу атайын түзүлүштөр. Аларга берилиштерди *киргизгич түзүлүш*, маалыматтарды *чыгаргыч түзүлүш*, *сактагыч* ж-а *байланыш-катыш түйүнү* кирет. Киргизгич берилишти компьютерге киргизүү үчүн колдонулат. Кеңири таралган киргизгичке *баскыч топ* (клавиатура) ж-а «чычкан» кирет. Клавиша аркылуу киргизилген берилиш компьютердин эсинде убактылуу сакталат ж-а *монитордо* көрсөтүлөт. Системалык блок тик бурчтуу куту түрүндө түзүлөт ж-а киргизилген берилишти иштетүүчү электрондук схемалардан турат. Электрондук схемалар системалык же энелик такта деп аталган башкы тактага бириктирилет. Системалык тактага борб. *процессор*, эс ж-а башка микросхемалар орнотулат. Эс (эс тутуму), о. эле тез эс деп аталып, ал каалагандай тартипте түз жетүүнү колдогон сактагыч түзүлүш болот. Тез эс берилиштерди ж-а программалар иштетилип жаткан учурда убактылуу сактап турат. Чыгаргыч иштетүүнүн жыйынтыгы болгон маалыматты чыгарат. Бул түзүлүш алынган жыйынтыкты чыгаруу алдында колдонулуучу түшүнө турган түргө өзгөртөт. Чыгаргыч түзүлүштөргө *принтер*, *монитор* ж-а үн *чыгаргыч* түзүлүш (колонка) кирет. Принтер кагазга көчүрмөлөрдү басып чыгарса, монитор маалыматтарды экранга убактылуу чыгарат, ал эми колонка үндөрдү угузуу үчүн колдонулат. Сактагычта айрым учурда сырткы эс же жардамчы сактагыч түйүнү деп аталат ж-а учурда пайдаланылбаган берилиштер м-н программаларды (көрсөтмөлөрдү) сактайт. Сактагыч түзүлүштө тез эстеги берилишти сактоого болот. Жеке компьютерде маалымат ийкемдүү (floppy) диск деп аталган кичине пластик дискти магниттелген бетинде сакталат. Системалык блок ичине орнотулган катуу дисктин кыймылдаткычы сырткы түзүлүштүн башкысы болуп эсептелет, ал ийилчээк дискке караганда сыйымдуулугу чоң ж-а сактоо мүмкүнчүлүгү жогору. Кубаттуулугу аз лазер нуру м-н



Компьютер жабдуулары: 1 – клавиатура; 2 – «чычкан»; 3 – процессор; 4 – диск иштетүүчү система; 5 – колонкалар; 6 – монитор; 7 – компакт диск окуучу түзүлүш (DVD – ROM).

берилиштерди окууда CD-ROM, DVD-ROM кыймылдаткычтары пайдаланылат. *Байланыш-катыш* түйүнү бир компьютерди башка компьютер м-н, модем деп аталган түзүлүш санариптик сигналды аналогдук сигналга, аналогдук сигналды санаривтик сигналга айландырууда колдонулат. Тармактын интерфейс карт ж-а байланыш кабели аркылуу салыштырмалуу жакын (бир имаратта) жайгашкан компьютерлер туташтырылат. Компьютерлердин туташтырылган тобу [illegible]ак деп аталат. Киргизгич, чыгаргыч, сак[illegible] ж-а байланыш түзүлүштөрү чөйрө (периферия[illegible]ык) түзүлүштөрдүн айрым гана бөлүктөрү, [illegible]р компьютер системасынын бөлүктөрүн [illegible]от.

КОМПЬЮ[illegible]ЕР ПРОГРАММАСЫ, программалык [illegible]жабдуу – компьютерди берилиштен маалымат иштеп чыгууга багыттоочу көрсөтмөлөр тобу. Бул көрсөтмөлөр программачы тарабынан программалоо тилинде жазылып сөз, символ ж-а код тобунан турат. Программа тилинин көрсөтмөсүн компьютер түшүнөт ж-а тааныйт. К. п. буйруктардан турат ж-а берилишти иштетип, маалымат түзүү үчүн зарыл болгон аракетти компьютерде аткартат. Программа эске жүктөлөт ж-а анда компьютер аткара турган аракеттер аныкталат. Программа түзүлгөндөн кийин, ал баскыч топ тактасын ж-а орундарды башкаруучу түзүлүштөрдү пайдалануу м-н компьютерге киргизилет. Компьютерде анын тез эсиндеги программаны гана аткартууга болот, эгерде программа сактагыч түзүлүштө сакталса, анда аны алдын ала эске жүктөп алуу керек.

КОМПЬЮ́ТЕР СИСТЕМАСЫ, к. *Компьютер.*

КОМСОМО́Л, к. *Бүткүл Союздук Лениндик коммунисттик жаштар союзу.*

КОМСОМО́Л – Чүй обл-нун Сокулук р-ндагы кыштак. Фрунзе айыл округуна караштуу. Сокулук тажрыйба станциясынын аймагында, Бишкек – «Манас» автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 649 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сокулук кыш-нан 27 *км* түн.-чыгыш тарапта. Пишпек т. ж. бекетинен 15 *км*. Кыштак 1936-ж. негизделген. Калкы 2247 (2007); негизинен жашылча өстүрүшөт. Негизги мектеп, 2 китепкана, бала бакча, клуб бар. Соода ж-а тамактануучу жайлар иштейт.

КОМСОМО́Л (1940-ж. чейин Кыпчак-Абад) – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-ндагы кыштак. Барпы атн. айыл округунун борбору. Деңиз деңг. 730 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 11 *км* чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 3 *км* аралыкта. Кыштак 1927-ж. негизделген. Калкы 2380 (2008); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, мад-т үйү, амбулатория бар. Байланыш ж-а соода түйүндөрү, тамактануу жайлары, үрөнчүлүк чарбасы иштейт.

КОМСОМО́Л (мурдагы Кара-Булун, Ак-Кудук) – Нарын обл-нун Кочкор р-ндагы кыштак. Талаа-Булак айыл округуна караштуу. Каракол өрөөнүнүн оозунда, деңиз деңг. 2170 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кочкор кыш-нан 56 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 119 *км*. Калкы 1309 (2002); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча бар. Медпункт, соода түйүндөрү иштейт.

КОМСОМО́Л МӨҢГҮСҮ Борб. Теңир-Тоодо. Эңилчек мөңгүсүнүн ири тармагы. Боз-Кыр кырка тоосунун түн. капталынан башталат. Уз. 16,0 *км*, жалпы аянты 70,2 *км*². Башы деңиз деңг. 6090 *м*, этеги 3800 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4200 *м*. Дендрит тибиндеги бутактап кеткен тоо аралык өрөөн мөңгүлөрүнүн тобуна кирет. Абляциясынын аянты 3,5 *км*². Мөңгү Эңилчектин негизги «тилинин» түш. четине ичке тилке болуп кошулуп, батышты карай агат.

КОМСОМО́ЛЬСК-НА-АМУ́РЕ – Россиядагы шаар (1932-жылдан). Хабаров крайынын түндүгүндө жайгашкан. Комсомольск р-нунун адм. борбору. Амур д-ндагы порт. Калкы 272,3 миң (2008). Жол тоому. Т. ж. бекети. Аэропорту бар. 1932-ж. Пермь кыш-нын ордуна комсомолдор курган. 1932–35-ж. Ы. Чыгыш, 1939-жылдан Хабаров крайларынын адм. борбору болгон. Ы. Чыгыштагы ж-а Забайкальедеги эң ири өө. ж. борборлорунун бири. Кеме (1933; Ы. Чыгыштагы эң ири Амур кеме куруу з-ду, дизель м-н суу астында жүрүүчү кемелерди ремонттойт, модернизациялайт ж-а курат), машина куруу (мыкты авиация өндүрүш бирикмеси, Су-27, Су-33, Су-35, көп функциялуу Су-80 ж-а Бе-103 амфибия-самолётун чыгарат), кара металлургия («Амурметалл» бул аймактагы эң ири болот эритүүчү з-д), нефть ажыратуу, «Элком» (ширетүүчү электроддор), женил, тамак-аш өө. ж. ишканалары иштейт. Эки ЖОЖ, театр, край таануу ж-а сүрөт музейи, А. Н. Островский атн. китепкана (1934; 16 филиалы м-н) бар.

КОМУЗ, чертмек – кыргыз элинин улуттук кылдуу чертме муз. аспабы. Түрк элдеринде улуттук тартма, чертме ж-а какма аспаптардын кобус (хобус), комыс, кобуз (хомуз), кумуз деп аталышы К-дун эң байыркы аспап экенин далилдейт. К. экме ж-а жапайы жыгачтардан (өрүк, алмурут, карагай, арча, жапан тал) алмурут түспөлүндө чабылып, моюну ичкерип кетет. Жалбырагы күбүлгөн ж-а мөмөсү бышкан кезде кыйылган өрүктүн жыгачы сомдолуп, суугa кайнатылып, ысытылып чабылган К. бек ж-а добуштуу болот. К-дун жалпы уз. 75 *см* чамалуу. К. турпаты баш, моюн, тулку, чара, капкак, куткун, тепкек, үч кулак, үч кылдан турат. Эки четки кылы *унисондо*, ортонкусу четкиге карай квинтага же квартага толгонот. Кулагы өрүктөн,



1 – кулактары; 2 – моюну; 3 – кылдары; 4 – чарасы; 5 – капкагы; 6 – тепкеги (тээк); 7 – куткуну.

арчадан же мүйүздөн, ал эми кылы көбүнчө эки тиштүү кыргыз койлорунун ичегисинен жасалат. Муздак сууга салынган ичеги сыдыргы м-н тазаланган соң, ийик м-н оңго ийрилип, анан аябай кере тартылып коюлат (кийин ичеги кылдын ордуна тарамыш же жасалма тарамыш жип тагылып калды). Залкар комузчулар кылды добушуна жараша өтө кылдаттык м-н тандашкан. Кээде бир койдун ичегисинен бир кыл гана жасалган. 1930-жылдары эл аспаптар оркестри үчүн К-дун өркүндөтүлгөн беш түрү (комуз-пикколо, комуз-прима, комуз-альт, комуз-тенор, комуз-бас) жасалган. 1952–53-ж. А. Петросянц м-н С. Диденко К-дун дагы жаңы түрүн сунуш кылып, ал Ташкент мамл. консерваториясынын эл аспаптарын өркүндөтүү б-ча эксперименттик лабор-нда жүзөгө ашырган. Азыр *Кыргыз эл аспаптар оркестринде* К-дун төрт түрү (комуз-прима, комуз-секунда, комуз-альт, комуз-бас) чертилет. К-да күүлөр чертилип, ырлар коштолот ж-а оркестрде ойнолот. Усталар Ш. Исаков м-н К. Тойчинов жасаган электр комуз да колдонулуп жүрөт. К-ду мыкты чапкан усталар: Айманбет, Жансерке, Чалагыз Иманкулов, азыр Нурак Абдрахманов, Орозобай Кенчинбаев, Намазбек Уралиев. К. черткендерди комузчу, чертмекчи дешет.

Б. Алагушов.

КОМУЗ КҮҮЛӨРҮНҮН АНТОЛОГИЯСЫ – комуз күүлөрүнүн топтому (альбому); ар бири 90 мүнөт убакытты камтыган 5 аудио-кассетадан турат. Антология 1998-ж. жарык көргөн. Аны Б. Алагушов, А. Кайбылдаев, Сабыр уулу Буудайбек, Д. Сарыгулов, А. Акматалиев түзгөн. Альбомго 120 күү кирип, алар «Камбаркандар», «Кербездер», «Шыңгырамалар», «Толгоолор», «Кайрыктар», «Бекарстан-тайчылар», «Дастан күүлөр», «Обон күүлөр», «Залкар күүлөр», «Арман, жоктоо күүлөрү», «Кушаваз күүлөр», «Бий күүлөр» сыяктуу түрлөргө, жанрларга бөлүнүп берилген. Альбомго кирген Кет Бука, Күрөңкөй, Муратаалы, Токтогул, Карамолдо, Атай, Ыбырай ж. б. комуз музыкасынын баштоочуларынын айрым күүлөрүнүн тарыхы таржымалданып берилген. Антология кыргыз музыкасынын тарыхындагы алгачкы баалуу саамалык болуп саналат.

КОМУЗЧУЛАР АНСАМБЛИ – муз. коллектив; *Кыргыз улуттук филармониясынын* эл аспаптар оркестринин комуз күүлөрүн аткаруучу чакан тобу. Алгачкы К. а-н М. Күрөңкөев 1922-ж. Каракол ш-нда, 1933-ж. К. Орозов уюштурат. Кыргыз комузчуларынын туңгуч респ. кароосуна (1936) Ысык-Көл р-нунун К. а. катышкан. 1938-ж. А. Огомбаев Фрунзеде 3 кишиден (А. Огомбаев, Б. Кулболдиев, С. Айманбетов) турган К. а-н уюштурган. Кийинчерэк ансамблдин катышуучуларынын катарын К. Молдобасанов, Т. Карымшаков, Ш. Шеркулов, С. Медетов, А. Эшмамбетов өңдүү чебер аткаруучулар толуктаган. Ансамблде кол ойнотуу, коштап аткаруу ыкмалары м-н *айтым күүлөр* чертилген. Ансамблдин аткаруучулук чеберчилиги кыргыз иск-восунун Москва ш-нда өткөн (1939) он күндүгүндө жогору бааланган. К. а. О. Азия респларынын ж-а Казакстандын муз. он күндүктөрүнө (1942-ж. Фрунзе; 1944-ж. Ташкент) катышкан. Ансамблдин репертуарында Атайдын «Кыз кербез», «Ак тамак, Көк тамак», Айдараалынын «Көйрөң күү», Токтогулдун «Чайкама»,



Комузчулар ансамбли. 1980-жылдар.

«Чоң кербез», Ниязаалынын «Кара өзгөй», Карамолдонун «Жаш кербез» ж. б. күүлөр болгон. Атайдын «Маш ботой», Токтогулдун «Келгендеги кербезим» өңдүү күүлөрүн оркестрдин коштоосу м-н да аткарган. К. а. Москвада (1957), Софияда (1968) өткөн Бүткүл дүйнөлүк жаштар м-н студенттердин фестивалдарынын лауреаты, 1958-ж. Кыргыз ад-ты м-н иск-восунун Москвада өткөн он күндүгүндө жогорку баага татыган. 1970–80-жылдары ансамблди Ч. *Исабаев* жетектеген. Ансамбль Франция, Канада, Япония, Сирия, Финляндия, Моңголия, АКШ, Түркия ж. б. чет өлкөлөрдө ж-а *Кыргыз эл аспаптар оркестри* м-н бирге КМШ өлкөлөрүнүн көпчүлүк шаарларында гастролдо болгон. К. а-нин салтын улантуу максатында 1998-ж. М. Абдраев атн. Респ. муз. мектеп-интернаттын алдында «Акак» К. а. түзүлгөн (негиздөөчүсү И. Суеркулова, көркөм жетекчиси К. Жекшенов). Репертуарында: «Ибарат» (К. Орозов), «Ак тамак, Көк тамак», «Маш ботой», «Маш Камбаркан»



«Акак» комузчулар ансамбли Н. Борошевдун «Кара өзгөй» күүлөрүн аткарууда. 2012.

(А. Огомбаев). «Жеңиш күүсү» (Ы. Туманов), «Кара өзгөй», «Кер толгоо» (Н. Борошев) ж. б. Ансамбль коштогон респ. кароо сынактарга, эл аралык конкурстарга ж-а фестивалдарга катышып, байгелүү орундарга ээ болгон. К. а. Т. Сатылганов атн. Кыргыз улуттук филармониясынын К. Орозов атн. эл аспаптар оркестринин коштоосунда ж-а А. Жумакматов атн. акад. симф. оркестринин коштоосунда Ала-Тоо аянтында өткөрүлүүчү мамл. деңгээлдеги иш-чараларга катышып турат. «Акак» К. а. чет өлкөлөрдө – АКШ, Дания, Польша, Россия, Түркия, Франция, Швеция ж-а Борб. Азия мамлекеттеринде кыргыз күүлөрүн даңазалоодо.

КО́НАКРИ – Гвинея Респ-нын борбору. Адм. жактан өзгөчө зонага бөлүнгөн. Өлкөнүн батыш бөлүгүндө, Атлантика океанынын жээгинде, Томбо а-нда (материк м-н дамба аркылуу байланышат) ж-а Калум ж. а-нда жайгашкан. Калкы 1,8 млн (2008). Эл аралык аэропорту бар. Деңиз порту. Шаар 1884-ж. француздар тарабынан негизделген. 1895–1958-ж. Француздук Гвинеянын, 1958-жылдан көз каранды эмес Гвинея Респ-нын адм. борбору. Учурда өлкөдөгү ири шаар ж-а негизги порт (дээрлик сырткы соода жүргүзүлөт). К. – Гвинеянын ири ө. ж. борбору. Тамак-аш (а. и. жемиш ширелери ж-а суусундуктар, консервалар, өсүмдүк майлары, пиво), хим. (ацетилен, пластмасса буюмдары), текстиль, жыгаччылык, эмерек, тамеки ө. ж. ишканалары, кыш з-ду иштейт. Ун-т, политех. ин-т (Батыш Африкадагы эң ири), улуттук китепкана, улуттук музей (экспонаттардын бай коллекциясы), улуттук иск-во мектеби (1966) бар. К-де 1970-жылдан улуттук фестивалдар (иск-во ж-а маданий) өткөрүлүп турат. Шаарга жакын жерден темир, боксит ж-а гранит казылып алынат.

КОНВЕ́ЙЕР (англ. conveyer, convey – көчүрүү, ташуу), ж ы л д ы р г ы ч, т р а н с п о р т ё р – чубурма, кесек же даана жүктөрдү үзгүлтүксүз ташуучу машина. Жылдыруучу элементтери б-ча тасмалуу, чынжырлуу, аркандуу, буралмалуу, инерциялуу, дирилдөөчү, чыгырыктуу К. болуп айырмаланат. Жүктү ташуучу каражатына жараша К., тасмалуу, тилке пластинкалардан туруучу, кыргычтуу, арабалуу ж. б. түрдө болот. Кеңири таралгандары: тасмалуу К-дин жүк алып жүрүүчү каражаты – тасмасы болот же резинадан жасалып, 1–5 *м/с* ылдамдыкта жүрөт; пластинкалуу К. өз алдынча шарнир түрүндө бири-бирине уланган, 1 *м/с* ылдамдыкта айланган болот полотнодон турат; кыргычтуу К. кыргычтары бар чынжырдан туруп, кобулда же кутуда 1 *м/с* ылдамдыкта айланат; асылма К. жылдыруучу чынжырга бекитилген арабачалары бар ж-а атайын багыттоочтордун жардамы м-н жүктү керек жерге жеткирет. Ал атайын программалар м-н автоматтык түрдө аткарылышы да мүмкүн. Уз. бир нече *км*ди түзүп, ылдамдыгы 45 *м/мин*; арабалуу К. оор жүктү



1-сүрөт. Ноочо тасмалуу конвейердин схемасы.

бири-бирине чиркелген араба м-н рельс жолунда 1,2–7,5 *м/с* ылдамдыкта ташыйт; сузгулуу К. чынжырга илинген, 0,16–0,4 *м/с* ылдамдыкта которулат; буралмалуу, жүк буралманын жээги м-н айлануучу түтүк аркылуу которулат ж-а жүктүн түрүнө (суюк же чубурма) жараша айлануу жыштыгы 50–150 *мин*; термелүүчү инерциялык К. чубурма ж-а кесегирээк жүктү та-



2-сүрөт. Пластинкалуу конвейердин схемасы.

шыйт; дирилдөөчү К. бир же эки түтүктүү транспорттук кобулдан туруп, чаңдуу, уулуу, ысык жүктөрдү ташууда колдонулат; чыгырыктуу – К. 2–5° жантайынкы жайгашып, чыгырыктары жүктүн оордук күчүнүн таасиринен айланат. О. эле атайын адистештирилген түрлөрү белгилүү, мис., стакер, *элеватор, эскалатор* ж. б. К. өндүрүштүн ар кандай тармагында колдонулуп, жүктөө ж-а жүк түшүрүүдө, технол. процесстерде үзгүлтүксүз иштөөнү камсыз кылат.

КОНВЕ́КЦИЯ (лат. convectio – алып келүү, жеткирүү) – суюктук, газ же чубурма заттуу чөйрөдө алардын бөлүкчөлөрүнүн которулушунан ал чөйрөдө массанын, жылуулуктун ж. б. алмашуусу. К. табигый (эркин), аргасыз ж-а капиллярдык болот. Т а б и г ы й К. – агуучу же

чубурма заттардын бирдей эмес ысышынан (мис., астынан жылуулук берилсе) оордук күчүнүн талаасында пайда болот. Мис., бөлмөнү жылытууда (меш же жылыткыч радиатор) абанын кыймылы эркин К. болуп эсептелет. Темп-ра жогорулаганда, абанын тыгыздыгы азайып, ал өйдө карай көтөрүлөт, ал эми муздак аба ылдый түшөт. Эркин К. процесси темп-ра теңелгенге чейин уланат, анын ургаалдуулугу чөйрө катмарларынын ортосундагы темп-ранын айырмасына, жылуулук өткөрүмдүүлүгүнө ж-а илээшкектигине көз каранды. А р г а с ы з К. атайын сырткы мех. таасирден (насос, аралаштыргыч ж. б.) пайда болот, мис., бөлмөнүн ичинде вентилятордун же кондиционердин таасири астында абанын кыймылы, гидронасостун таасири астында түтүктөгү суюктуктун кыймылы. К а п и л л я р д ы к К. суюктуктун эркин беттик тегиздигинде беттик тартылуу айырмасында пайда болот. Айырмалар темп-ра өзгөргөндө, беттик активдүү заттар таасир эткенде болот. Капиллярдык К-нын ургаалдуулугу өтө кичине. Космос тармагында, атм-дан сырткары чөйрөдөгү эркин учууларда, салмаксыз абалда эркин К. азайганда капиллярдык К-нын мааниси өсө баштайт. К. техникада чоң роль ойноп, табиятта көп кездешет, мис., атм-да аба массасынын ж-а деңиз м-н океандарда суу массаларынын которулушу К-га мисал болот.

КОНВЕ́НЦИЯ (лат. conventio – макулдашуу) – эл аралык укук субъектилеринин ортосундагы келишимдердин бир түрү. Анда мамлекеттердин ж-а эл аралык укуктун башка субъектилеринин саясий, экон., юрид., экол., аскердик, гуманитардык, о. эле деңиз, аба, космос тармактарындагы укуктар м-н милдеттер катталат. К. укуктук жарыя мүнөздөгү документ катары (к. *Эл аралык келишим)* 19-к-да пайда болуп, алгач саясий же конституциялык милдетти аткарган. К. ин-ту 20-к-да өзгөчө өнүгүүгө ээ болгон. БУУнун системасында К. универсалдуу эл аралык документ катары белгилүү.

КОНВЕРГЕ́НЦИЯ (лат. convergo – жакындашуу, окшошуу) т и л и л и м и н д е – тилдин тарыхый өнүгүшүндө кээ бир тыбыштардын ж-а ар башка тектеги тилдердин окшошуп калышы. Мис., фонетикада К-га орус тилиндеги «ять» ж-а «е»; кыргыз тилиндеги «к», «кь» ж-а «г», «гь» тыбыштарынын окшоштугу. К-нын эки аспектиси бар: 1) глоттогоникалык К.; 2) структуралык-диахрониялык К. Глоттогоникалык К. – бир нече тектеш же тектеш эмес тилдердин мезгилдүү, ургаалдуу байланыштарынын негизинде структуралык окшош, жалпы белгилердин пайда болушу. Ага бир эле тилдеги бир нече диалектилердин биригиши, жалпы тилди (койнэ) түзүшү да кирет. Структуралык-диахрониялык К. – тилдеги варианттык же инварианттык ар түрдүүлүктү, айырманы азайтуучу тарыхый процесс. Мис., индевропа тилдериндеги эки же андан көп а, о, е фонемаларынын инд-ирандык а формасына окшошуп дал келиши. Структуралык-диахрониялык К-нын булагы тилдик бирдиктердин позициялык шарттуу кырдаалынын өзгөртүлүп таралышы болуп саналат. Мындай аспектидеги К-ны диахрониялык фонология теориясында Е. Д. Поливанов 1[illegible]-ж. иштеп чыккан. Бул маселе Р. О. Якобсон тарабынан да 1930-ж. башкача терминдик [illegible]лышта иштелген. Фонол. К-нын негизин [illegible]ым фонемалык айырмалардын дефонологи[illegible]цияланышы түзөт, б. а. фонемалык ар түр[illegible]лүктүн азайышынан пайда болот. К. граммат. системада да байкалат ж-а о. эле механизмге ээ. Мис., аналогия б-ча вариациялоо, граммат. формалардагы омонимияны жоюу ж. б. Мында граммат. жактан окшошуу же жакындашуу процесси жүрөт. К-нын антоними – *дивергенция.*

КОНВЕРГЕ́НЦИЯ – этнографияда ар башка элдердин мад-тында бири бирине байланышпай туруп пайда болгон окшош же бирдей көрүнүштөрдү атоочу термин.

КОНВЕРГЕ́НЦИЯ ЗОНАСЫ — Дүйнөлүк океан бетиндеги агымдардын бири бирине кездешип, суунун чөккөн аймагы. Адатта, жылуу ж-а муздак суулардын кошулган жеринде пайда болот. К. з. океан табиятынын эң негизги бөлүгү катары терендиктеги катмарын салыштырмалуу жогорку темп-ра ж-а кычкылтек м-н камсыз кылат. Дүйнөлүк океанда туруктуу 4 К. з. белгиленген: түн. ж-а түш. субполярдык м-н түн. ж-а түш. субтропиктик. Түш. уюлга жакын К. з. 50° ж-а 60° түш. кеңдиктердин аралыгында Жер шарын курчап жатат.

КОНВЕРГЕ́НЦИЯ ТЕОРИЯСЫ – коомдук түзүлүшү ар кандай мамлекеттердин ортосундагы экон. ж-а саясий айырмачылыктар акырындап жоюлуп, алар бири бирине кошулушат деген саясий теория. К. т. 20-к-дын 50–60-жылдарында пайда болгон. Анын чыгышына ил.-тех. рев-яга байланыштуу жеке (майда) өндүрүштүн ирилештирилиши, мамлекеттердин өндүрүштө экон. ролунун өсүшү, өлкө масштабы б-ча пландоо элементтеринин киргизилиши таасир тийгизген. К. т-н мына ушул процессти чагылдыруудан келип чыккан концепция катары кароого болот. К. т-нын өкүлдөрү (Ж. Гелбрейт, АКШ; Р. Арон, Франция; Я. Тинберген, Нидерланд ж. б.). СССР күчтүү мезгилинде эле капитализм м-н социализм катарлаш өрчүп отуруп, бири бири м-н жакындашып, ал экөөнүн ортосунан жаңы коом пайда болот деген тыянак чыгарышкан. СССРдин, бүткүл соц. системанын кыйрашы м-н К. т. өзүнүн ил. маанисин жоготту.

КОНГАЙТИЕВ Супай (1885, Нарын обл., Ак-Талаа р-ну, Кара-Ой кыш. – 1979, ошол эле жер) – малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Нарын обл-нун Ак-Талаа р-нундагы «1-Май» колхозунун жылкы фермасынын башчысы болуп иштеген (1936). Ал 1947-ж. 80 бээден 80 кулун алып, аман асыраган. [illegible]нин, Эмгек Кызыл Туу о[illegible]ндери м-н сыйланган.



КОНГАН[illegible]ЕВ Молдомуса Ташболо[illegible] (31. 3. 1958-ж. т., Ош обл., Майлы-Сай п[illegible]енерал-лейтенант (2008). 1989-ж. КМУну б[illegible]. 1979–80-ж. Майлы-Сай шаардык ички иш[illegible] башкармалыгына кара[illegible]уу мамл. банктын күзөт бөлүмүндө милиционер, 19[illegible]0–85-ж. Майлы-Сай шаардык ички иштер башкармалыгынын нөөмөт бөлүгүндө нөөмөтчүнүн жардамчысы, милиционер, 1985–91-ж. Өзгөн, Кара-Суу, Базар-Коргон р-ндук ички иштер бөлүмдөрүндө инспектор, нөөмөтчү улук оперуполномочен, СССР ИИМдин регион аралык башкармалыгынын Жалал-Абад обл. бөлүмүндө улук оперуполномочен, 1991–93-ж. Жалал-Абад шаардык ички иштер бөлүмүндө бөлүмдүн начальниги, 1993-жылдан оперативдик иштер б-ча начальниктин орун басары, 1995–98-ж. Жалал-Абад обл. ички иштер башкармалыгында издөө бөлүмдүн начальниги, 1998–99-ж. Жалал-Абад шаардык ички иштер бөлүмүндө бөлүмдүн начальнигинин орун басары, Жалал-Абад обл. ички иштер башкармалыгында, 1999–2000-ж. КР ИИМдин регион аралык башкармалыгында бөлүмдүн начальниги, 2000–01-ж. Сузак р-ндук ички иштер бөлүмүндө кадрлар б-ча начальниктин орун басары, 2001–02-ж. Жалал-Абад шаардык ички иштер бөлүмүндө, 2002–05-ж. Жалал-Абад обл. ички иштер башкармалыгында шаардык ички иштер бөлүмүндө бөлүмдүн начальниги, 2005–08-ж. Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгынын начальниги, 2008–10-ж. КРдин ички иштер министри болуп иштеген.



КОНГЛОМЕРА́Т г е о л о г и я д а – тоголок, жумуру, сүйрү таштардын биригип камдашып, цементтелген түрү. Чөкмө тектерге кирет. Кесек бөлүкчөлөрдүн чоңдугу 1–10 *см*ге жетет. Темир кычкылы, карбонат, чопо, кремний м-н цементтелет. Кээде кум, сайташ кездешет. Кесек талкаланган жумуру, тоголок бөлүкчөлөрдүн курамына карата мономиктүү (бир түрдүү тектерден турган), пайда болушу б-ча аллювий, пролювий, көл ж-а деңиз чөкмөлөрү болуп бөлүнөт. Бардык геол. мезгилдерде кездешет. Катмар пайда кылышы байыркы доорлордогу тектердин талкаланышын билгизет. Курулуш материалы болуп саналат. Айрым учурда цементтеринин курамында алтын, платина ж. б. чачыранды кендер жолугат.

КО́НГО, З а и р – Борб. Африкадагы дарыя; негизинен Конго Демокр. Респ., айрым бөлүктөрү Конго Респ. ж-а Анголанын чек аралары аркылуу агат. Уз. Луалабанын башатынан 4320 *км*; алабынын аянты (3691 миң *км*²) ж-а суусунун молдугу (орт. чыгымы 46 миң *м*³/*сек*) б-ча Африкада биринчи, дүйнөдө Амазонка ж-а Паранадан кийин 2–3-орунду зэлейт. Заирдин түш.-чыгышынан, Замбиянын чегине жакын жайгашкан платодон башталып, Стэнли шаркыратмасына чейин Луалаба деп аталат. Орто бөлүгүндө Конго ойдуну аркылуу кенен (20 *км*ге чейин) өрөөн м-н агып, салааларды ж-а көлдөрдү пайда кылат. Төмөн жагында Түш. Гвинея дөңсөөсүн терең капчыгай аркылуу жарып агат. Мында босоголор м-н шаркыратмалар (Стэнли, Ливингстон ж. б.) көп. Матади ш. тушта деңиз жээгиндеги түздүккө чыгып, Банана ш. тушта Атлантика океанына эстуарийди пайда кылып куят. Башкы куймалары: Лифура, Лувуа, Лукуга, Арувими, Итимбири, Убанги, Санга (оң), Ломами, Лулонга, Касаи (Ква), Руки (сол). К-нун алабында Танганьика, Киву, Бангвеулу, Мверу ж. б. ири көлдөр жайгашкан. Суусу жогорку агымында ноябрь–декабрда, ортонку ж-а төмөнкү бөлүктөрүндө май–июнда ж-а ноябрь–декабрда кирет. Орт. чыгымы 46 миң *м*³/*сек* (эң көбү 75 миң *км*³/*сек*, азы 23 миң *км*³/*сек*). Жылдык орт. агымы 1450 *км*³. К. океан суусун жээктен 75 *км* аралыкка чейин тузсуздандырат. Жылына 50 млн *т*га чейин шиленди агызып келет. Гидроэнергиясынын запасы 390 *ГВт* чамасында. Ири ГЭСтери: Ле-Маринель, Делькомюн (Луалаба), Франки (Луфирде), Инга (К-нун төмөнкү агымында). Балык кармалат. К-нун алабындагы суу жолунун жалпы уз. 20 миң *км*дей. К-нун өзүндө айрым участкаларында гана кеме жүрөт. Айрым босоголуу участкалары т. ж. аркылуу туташат. Жээгиндеги ири шаарлары: Букаву, Конголо, Кинду, Кисангани, Киншаса (Конго Демокр. Респ.), Браззавиль (Конго Респ.); төмөнкү агымында Матади деңиз порту (Бома, Банана аванпорттору м-н) жайгашкан.

Ад.: *Дмитревский Ю. Д., Олейников И. Н.* Река Конго. Л., 1962. *Г. Бакасова.*

КО́НГО, К о н г о Д е м о к р а т и я л ы к Р е с п у б л и к а с ы (КДР) – Борб. Африкадагы мамлекет. Батышында Атлантика океанына чыгат. Түндүгүндө Борб. Африка Респ. ж-а Судан, чыгышында Уганда, Руанда, Бурунди ж-а Танзания, түштүгүндө Замбия, Ангола, батышында Конго Респ. м-н чектешет. Аянты 23,448 миң *км*² (Африкада чоңдугу б-ча Судан, Алжирден кийинки 3-өлкө). Калкы 64,1 млн





(2008). Борбору – Киншаса. Расмий тили – француз тили; улуттук тилдери – киконго (конго), лингала, суахили, чилуба (луба). Акча бирдиги – конго франкы. Адм.-айм. жактан 11 провинцияга бөлүнөт.

К. – БУУнун (1960), Африка союзунун (1963; 2002-ж. чейин Африка биримдиги уюму), ЭВФтин (1963), Эл аралык реконструкция ж-а өнүгүү банкынын (1963), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун (1997) мүчөсү.

Администрациялык-аймактык бөлүнүшү (2008)

Провинция	Аянты, км²	Калкы, мин	Адм. борбору
Бандунду	295,7	7564,4	Бандунду
Батыш Касаи	170,3	6546,5	Кананга
Катанга	496,8	4886	Лубумбаши
Киншаса	10	9569,4	Киншаса
Маниема	132,3	1924,2	Кинду
Төмөнкү Конго	53,9	4227,3	Матади
Түндүк Киву	59,5	5496,5	Гома
Түштүк Киву	65,1	4377,3	Букаву
Чыгыш	503,2	7407,8	Кисангани
Чыгыш Касаи	154,7	5075	Мбужи-Майи
Экватордук	403,3	7031,2	Мбандака

2005-жылкы Конституция б-ча үч жылдык өтмө мезгил аяктагандан ж-а «Борбордон ажыратуу жөнүндө» мыйзам кабыл алынгандан кийин 2009-ж. адм.-айм. реформа жүргүзүү каралып, ал б-ча өлкө төмөнкү 26 провинцияга бөлүнмөкчү: Борб. Касаи, Борб. Конго, Жогорку Ломами, Жогорку Уэле, Жогорку Катанга, Итури, Касаи, Кванго, Квилу, Киншаса, Ломами, Луалаба, Маи-Ндомбе, Маниема, Монгала, Санкуру, Танганьика, Төмөнкү Уэле, Түн. Киву, Түн. Убанги, Түш. Киву, Түш. Убанги, Тшопо, Чуапа, Чыгыш Касаи, Экватордук.

Мамлекеттик түзүлүшү. К. – унитардык мамлекет. Конституциясы 2005-ж. 18–19-декабрда референдумда кабыл алынган. Башкаруу формасы– президенттик республика. Мамлекет башчысы – жалпы жашыруун добуш м-н 5 жылга шайланган президент (1 жолу кайра шайлануу га укуктуу). Президент өкмөттү башкарат ж-а куралдуу күчтөрдү жетектейт. Мыйзам чыгаруучу бийликтин жогорку органы – кош палаталуу парламент. Төмөнкү палатасы – Улуттук чогулуш (500 депутаттан турат). Жогорку палатасы – Сенат (108 депутаттан турат). Парламент 5 жылга шайланат. Аткаруу бийлигин президент ж-а премьер-министр жетектеген өкмөт ишке ашырат. Премьер-министр ж-а министрлер президент тарабынан дайындалат. К-до көп партиялуу система орун алган. Белгилүү партиялар: Калыбына келтирүү ж-а демократия үчүн элдик партия, Бириккен лумумбист партиясы.

Табияты. Өлкөнүн борб. ж-а батыш бөлүктөрү туюк *Конго ойдуңун* ж-а аны курчаган тоо капталдарын ээлейт. Аны түндүктөн түштүктү карай Конго д. кесип өтөт. Конгонун оң жээгинин агымында байыркы көл-аллювий түздүү (300–380 *м* бийиктикте) пайда болгон. Ойдундун таманы Конгонун ж-а анын куймаларынын жайылмасынан бир аз гана бийик жайгашкандыктан, аны дайыма суу каптап турат, басымдуу бөлүгүн саз ээлейт. Ойдундун чет-жакаларын бийикт. 500–600 *м*, түштүгүндө 1200 *м*ге жеткен платолор курчайт. Конго д-нда шаркыратмалар (Ливингстон ж. б.) ж-а босоголор көп. Түндүгүндө цоколдук түздүктөр, Азанде платосу, түштүгүндө Лунда платосу, түш.-чыгышында Митумба тоолору, тектон. ойдундар м-н бөлүнгөн платолор жайгашкан. Өлкөнүн чыгыш чет-жакасы – Чыгыш Африка бөксө тоосунун этек тоолорун камтыйт. Өлкөнүн чыгыш жагын чектей *Чыгыш Африка жаракалар (рифт) зонасы* созулуп жатат. Ал зонанын чет-жакаларында бийикт. 2000–3000 *м*ге жеткен Митумба, Угома тоолору жайгашкан; өлкөнүн эң бийик жери – Рувензори горст массиви, 5109 *м* (Маргерита чокусу). Вирунга тоолорунда аракеттеги жанартоолор (Ньямлагира, Ньирагонго) бар. Грабендердин тамандарын ири тектон. көлдөр (Альберт, Эдуард, Киву, Танганьика, Мверу ж. б.) ээлейт. Тектон. жактан К-нун аймагын кембрийге чейинки *Африка платформасы* ээлейт. К. кен байлыкка бай: кобальт (запасы б-ча дүйнөдө 1-орунда), калай, вольфрам (дүйнөдө алдынкы орунда), жез, цинк кенташтары (2-орунда), тантал (3-орунда), алмаз (4-орунда), германий, о. эле нефть, газ, көмүр, алтын, күмүш ж. б.

К-нун аймагы экватор ж-а субэкватор климаттык алкактарында жайгашкан. Өлкөнүн 3° түш. кендик м-н 3° түн. кеңдиктин аралыгынан орун алган бөлүгүндө дайыма нымдуу климат өкүм сүрүп, жаан-чачын көп жааган 2 мезгил (марттан июнга чейин ж-а сентябрдан декабрга чейин) болот. Конго ойдунунда ж-а аны курчаган

Рувензори массиви.



платолордо эң жылуу айдын (март же апрель) орт. темп-расы 26–27°С, эң суугунуку (июль же август) 23–25°С; темп-ранын суткалык амплитудасы жылдыкынан жогору, бирок 10–15°Сден ашпайт. Жаан-чачындын жылдык орт. өлчөмү 1500–2000 *мм*. К-нун түн. бөлүгүнүн ж-а түн. четинин климаты субэкватордук, жайы жаанчачындуу, кышы кургакчыл; кургакчыл мезгилдин узактыгы өлкөнүн түн. чек арасына жакын 2–3 айга (декабрь–февраль), түштүгүндө 5–7 айга (апрель–май)дан ноябрга чейин) созулат. Темп-ранын жылдык амплитудасы экватордукуна караганда жогору; суткалык амплитуда көбүнчө 20°Сден ашат. Темп-ранын максимуму жаанчыл мезгил башталарда байкалат (түндүгүндө 28°Сге, түштүгүндө 24°Сге чейин); кышкы орт. темп-ра түндүгүндө 24°С, түштүгүндө 18°С. Экватордон алыстаган сайын жаан-чачындын өлчөмү түн. чет-жакасында 1300–1500 *мм*ге, түш. четинде 1000–1200 *мм*ге чейин азаят. К-нун чыгыш бөлүгүнүн тоолуу аймактарында темп-ранын жылдык амплитудасы 1–2°Сге чейин гана; 1500 *м* бийиктикте жылдык орт. темп-расы 20°С, салыштырмалуу нымдуулугу жогору. Тоолордун айдарым капталдарында жылына 2500 *мм*ге (Рувензорининн капталдарында 4000 *мм*ге) чейин жаан-чачын жаайт.

Дарыя тармагы өтө жыш ж-а суусу мол. Аймагынын $^{9}/_{10}$ бөлүгүнөн ашыгы Конго д-нын, чыгышындагы бир аз жери Нилдин алаптарына кирет. Ири дарыялары: Конго ж-а анын оң (Луфира, Лувуа, Арувими, Итимбри, Монгола,



Конго дарыясынын ороону.

Убанги), сол (Ломами, Лулонга, Руки, Ква) куймалары. Чыгышында Альберт, Эдуард, Киву, Танганьика, Мверу көлдөрү жайгашкан. Конго ойдунунда ири тайыз көлдөр (Маи-Ндомбе, Тумба) бар. К. суу м-н камсыз болуусу (жылына киши башына 1283 $м^3$ суу туура келет) б-ча Африкада 1-орунда; гидроэнергетикалык ресурстары (44 миң *МВт*) б-ча алдынкы орундардын бирин ээлейт.

Өлкөнүн 58% аянтын токой, 25%ин саванна, сейрек токой ж-а кылкандуу өсүмдүктөр ээлейт. Конго ойдунунда бузулбаган дайыма жашыл экватор токоюнун *(гилея)* аянты б-ча дүйнөдө экинчи орунду ээлейт. Өсүмдүктөрүнүн мүнөзү нымдуулуктун ж-а рельефтин өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Конгонун ортонку агымындагы батыш түзөң бөлүгүн саз ж-а дайыма суу каптап туруучу токой ээлейт; ал тоо капталдарында дайыма нымдуу, дайыма жашыл экватор токою м-н алмашат. Токойдо даректын баалуу породалары көп, алар: кызыл, сары, эбен даректары, лимба, агба, ироко, о. эле май пальмасы, каучуктуу даректар ж. б. Түндүгүндөгү, батышындагы ж-а түштүгүндөгү тоо-дөнсөөлөргө парк сымал таралган өскүлөн саванна, дарыя өрөөндөрүнө галерея токою мүнөздүү. Түш.-чыгышында (Катанга провинциясында) жалбырагын күбүүчү саванналуу миомбо токою таралган. Тоолуу чыгыш бөлүгүнө бийиктик алкактуулук мүнөздүү: тоонун нымдуу дайыма жашыл токою (3000–3500 *м* бийиктикте) жогору карай бамбук токою, африка-субальп (дарак сымал вереск басымдуулук кылат), африка-альп (крестовниктүү, лобелиялуу) алкактары м-н алмашат.

Гилеянын астында калың кызыл-сары ферралит, суу каптап турган саздуу токойдун астында гидроморфтук латериттүү глей, жалбырагын күбүүчү сейрек токойдун астында феррозём, саваннанын астында – кызыл ферралит топурактары өөрчүгөн. Биол. ар түрдүүлүгүнүн деңгээли өтө жогору: татаал өсүмдүктөрүнүн 11 миң (анын 10%и эндемиктер), сүт эмүүчүлөрдүн 450, куштардын 1150, сойлоочулардын 300дөн, жерде-сууда жашоочулардын 200дөн, балыктын 100дөн ашык түрү бар. Түздүктөрдөгү токойду африка токой пили, токой дукери, окапи, токой донузу, приматтар, тоолуу аймактарды тоо горилласы, саздуу жээктерди бегемот, крокодил, саванна ж-а сейрек токойду – антилопа, африка жалышы, зебра, жираф, керик мекендейт. Жырткычтардан арстан, гепард, леопард, чөө, темгил көк жал ж. б. кездешет.

Коммерциялык жыгач даярдоодон ж-а а. ч. жерин кеңейтүүдөн өлкөнүн токой аянты 0,4%ке чейин кичирейген. Конгонун ортонку агымындагы жетүүгө татаал саздуу токой антропогендик таасирге анча дуушарланган эмес; ал эми К-нун чыгышындагы тоо токою (анда калк жыш отурукташкандыктан) көп өзгөрүүгө дуушар болгон. Биол. ар түрдүүлүктүн азайышы браконьердикке, о. эле өлкөдөгү куралдуу кагылышуу кырдаалына байланыштуу. Татаал өсүмдүктөрдүн 55, сүт эмүүчүлөрдүн 40, куштардын 28 түрү жоголуу алдында турат. Өлкөнүн жээк аймактарында нефть м-н булгануу байкалат. К-до жалпы аянты 8,3%ке жеткен 83 аймак коргоого алынган. *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине Вирунга (1979-ж. уюшулган), Кахузи-Биега (1980), Гарамба (1980), Салонга (1984) улуттук парктары, Окапи улуттук резерваты (1996) кирген. Эл аралык маанидеги коргоого алынган суу-саз мейкиндиги 866 мин *га* жерди ээлейт; анда куштар уя салып, кыштайт.

Калкы. К-нун калкынын көбү (85% и) *бантулар* (луба, конго, нгала, монго теке, яка ж. б.); түндүгүндө ж-а чыгышта убанги (7%), түн.-чыгышында нил-сахара (10,1% и) тилдеринде сүйлөгөн элдер жашайт. Калктын табигый өсүүсү 3,1%. Төрөлүү (1000 адамга 43 бала) өлүм-житимден (11,9%) үч эсе ашык. Өлкөдө жаш курактагылар басымдуулук кылат; орт. курагы 16,3 жыл. Курактык курамында өспүрүмдөрдүн (15 жашка чейинкилердин) үлүшү 47,1%, эмгекке жарамдуу курактагылар (15–64 жаштагылар) 50,4%, 65тен ашкандар 2,5% (2008). Калктын өмүрүнүн күтүлгөн орт. узактыгы 54 жыл (эркектердики 52,2, аялдардыкы 55,8 жыл (2008).



Киншаса шаарынын борбордук көчөсү.

Калк өлкөнүн батыш чет-жакасында (орт. жыштыгы борб. провинцияга 1 *км*² жерге 960тан ашык, төмөнкү Конго провинциясында 78,4 адам) ж-а чыгышында (Түн. Киву провинциясында 97,4, Түш. Кивуда 67,3 адам); калк эң сейрек отурукташкан аймак – Катанга провинциясынын түш.-чыгышы 1 *км*² жерге 9,8 адам. Шаар калкы 32% тей. Ири шаарлары (2008): Киншаса (9167 мин), Лубумбаши (1628 мин), Мбужи-Майи (1474 мин), Колвези (932,3 мин), Кисангани (592,2 мин), Бома (508,3 мин), Кананга (507,8 мин), Ликаси (496,6 мин). Экон. активдүү калкы 15 млн адам (2006); иштегендердин 65% и а. ч-нда, 19% и тейлоо чойросүндө, 16% и о. ж-нда эмгектенет. Калкынын 40–55% и католиктер, 20–42% и протестанттар (лютерандар, англикандар ж. б.), 10% тейи африка-христиан-синкреттик динди тутат, 10% и мусулмандар.

Тарыхы. Касаи, Луалаба, Луапула д-нын жогорку агымында табылган таш куралдар К. аймагында эрте палеолит ж-а Ашель доорунда эле адам жашаганын далилдейт. Ортонку таш доорунда тумбий мад-ты (Санго мад-нын бир түрү; 55–45 миң жыл мурда), Лупембе мад-ты (30–15 миң жыл мурда), соңку таш доорунда читоль мад-ты (15–3 миң жыл мурда) Киншаса ш-нын чет жакаларында ж-а Бена-Читоле платосунда онуккон. Катанга провинциясында табылган металлды кайра иштетүү очогу (метеорит темири; б. з. ч. 5-к-дын ортосу) Африкадагы кара металлургиянын байыркы борборлорунун бири деп божомолдонот. К-нун байыркы калкы пигмейлер, сан (бушмендер) ж-а койсан (готтентоттор) болгон. Б. з. ч. 1-миң жылыктын башында бантулар аларды токойлуу райондорго сүргөн. 9-к-дын башында Катанга провинциясынын түндүгүндө Кисале мад-ты да таандык алгачкы саясий түзүлүштөр пайда болгон. 13–16-к-да К. аймагында Конго, Матамба, Нгойо, Куба, Луба, Лунда, Касонго мамл. бирикмелери (кээде империялар ж-а королдуктар деп да аталат) түзүлгөн. 1480-жылдары Д. Кан жетектеген португалдар К-го келе баштап, 16-к-да Конго д-нын сол жээги португалдардын кул сатуучу аймагына айланган. Жерг. калк бир нече жолу португалдарга каршылык көрсөтүшкөн. Конгодо күчтүү башкаруучунун бийлиги астында бирдиктүү мамлекетти калыбына келтирүүнү көздөгөн, европалыктарга каршы кыймыл (1703) пайда болуп, 1706-ж. куралдуу көтөрүлүшкө айланган. 1709-жылдын башында конголук ак-сооктор көтөрүлүштү басышкан. Кул сатуунун өнүгүшү, ич-ара согуш, децентрализация регондогу мамлекеттин кулашына алып келген. 19-к-дын аягында К. аймагы европ. мамлекеттердин атаандашуу объектисине айланган. 1876-ж. Бельгия королу Леопольд IIнин жетекчилиги м-н Эл аралык африкалык ассоциация (1880-ж. Эл аралык Конго ассоциациясы деп аталган), 1878-ж. «Жогорку Конгону изилдөө боюнча комитет» бельгиялык компаниясы түзүлгөн. Королдук эмиссарлар жерг. уруу башчылар м-н келишим түзүп, анын негизинде король Леопольд II Конго д-нын сол жээгин көзөмөлгө алган. 1884–85-ж. Берлин конф-ясы Леопольд IIни «Көз карандысыз Конго мамлекетинин» (ККМ) башкаруучусу деп тааныган. ККМнин негизги экспорттук тармагы каучук болгондуктан, Леопольд II өлкөнүн жалпы аянтынын 50% ин жеке компанияларга берип, каучук иштетүүгө монополия түзүп, жерг. калктан каучук түрүндө салык алган. 1890-ж. т. ж. курула баштаган. 1888-ж. ККМда «Форс публик» колониялык армия уюшулуп, 1894-ж. аскердик кызмат өтөө киргизилген. 20-к-дын башында Леопольд IIнин режимине каршы күрөш башталып, 1908-ж. 15-ноябрда Леопольд II ККМны Бельгия колониясындагы – Бельгиялык Конго (БК) деп өзгөртүү ж-до декретке кол коюуга мажбур болгон. 1-дүйнөлүк согуш жылдарында БКнын колониялык аскерлери британиялык ж-а фр. союздаштар м-н бирге Танганьика көлү, Камерун, Руанда-Урунди аймактарындагы согуштук аракеттерге катышкан. БКда европ. ири компаниялардын кен казып алуу иштеринин натыйжасында тоо-кен иштетүү о. ж., транспорт системасы, энергетика өнүгүп, Катанга, Киву провинцияларында ж-а Леопольдвиль (азыркы Киншаса) ш-нда ири о. ж. борборлору пайда болгон. 1920–50-жылдары БКнын коз карандысыздыгын талап кылган улуттук-боштондук кыймыл күчөп, диний-саясий кыймылдар, секталар ж-а партиялар пайда болгон. 1959-ж. Леопольдвиль калкы антиколониялык көтөрүлүшкө чыккан. 1960-ж. Бельгия өкмөтү БКга коз карандысыздыкты берүү ж-до билдирген. 1960-ж. 30-июнда коз карандысыз К. Республикасы (РК) түзүлүшү жарыяланган. Анын президенттигине Ж. Касавубу, премьер-министрлигине П. Лумумба шайланган. 1960-ж. 5-июлда П. Лумумбанын жүргүзгөн коз карандысыз саясатына каршы аскер төңкөрүшү уюшулуп, 5-сентябрда ал кызматтан кеткен. 1961-ж. августта С. Адула жетектеген РКнын жаны өкмөтү түзүлгөн. 1962–63-ж. Түш. Касаи ж-а Катанга РКга кошулган. 1964-ж 1-августа өлкөнүн Конституциясы күчүнө кирип, федеративдүү мамл. түзүлүш орногон. РК Конго Демокр. Респ. (КДР) деп аталган. 1965-ж. 24-ноябрда мамл. төңкөрүштөн кийин бийликке келген К. улуттук армиясынын башкы штабынын начальниги С. С. Мобуту бардык саясий партия ж-а уюмдардын ишине (1967-ж. түзүлгөн «Элдик революция кыймылы» партиясына гана уруксат берген) тыюу салган. 1960–70-жылдары «накта заирдик улутчулдук» расмий доктрина кабыл алынган. 1971-ж. 27-октябрда ДРК Заир Респ-сы (ЗР) деп аталган, бирок Мобуту өкмөтү өлкөнүн экономикасын өзгөртө алган жок. 1996-ж. ЗР өкмөтүнүн макулдугу м-н куралдуу руанд хуту отряды өлкөнүн чыгыш р-ндорун басып алып, жерг. тутси урууларын (баньямуленге) кырышы жарандык

КОНГО ДЕМОКРАТИЯЛЫК РЕСПУБЛИКАСЫ



согушка (1996–97-ж. 1-Конго согушу) алып келген. Л. Д. Кабила жетектеген Конго-Заир бошотондугу үчүн альянс демокр. күчү (КЗБАДК) Мобуту өкмөтүнө каршы чыккан. Көтөрүлүшчүлөргө тутсилер кошулган. 1997-ж. майда КЗБАДК отрядынын Киншасага кириши м-н Мобуту бийликтен кеткен. Бийлик Кабилага өтүп, өлкөгө Конго Демокр. Респ. (КДР) деген ат кайтарылган. Жаңы президенттин саясаты жаңы жарандык согуштун чыгышына (1998–2002-ж. 2-Конго согушу) алып келген, ага коншу мамлекеттер кошулган. 1999-ж. июлда Лусака (Замбия) ш-нда согушту токтотуу ж-дө келишимге кол коюлган. Анын аткарылышын көзөмөлдөө үчүн 1999-ж. 30-ноябрда БУУнун коопсуздук кеңеши КДРге БУУнун миссиясын уюштурган. 2001-жылдын башында Л. Д. Кабила өлтүрүлүп, өлкөнүн президенттигине анын уулу Ж. Кабила шайланган. 2002-ж. июлда Претория (ТАР) ш-нда КДР м-н Руанда, сентябрда Луанда (Кения) ш-нда КДР м-н Угандanын ортосунда тынчтык келишим түзүлгөн. 2003-ж. 2-апрелде КДР өкмөтү, саясий партиялар ж-а оппозициялык куралдуу топтордун ортосунда К-догу кризисти жөнгө салуу саясаты ж-дө сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн. 2004-ж. К-до көп партиялуу система киргизилген, 2005-ж. декабрда КДР конституциясы кабыл алынган. 2006-ж. президенттик шайлоодо Ж. Кабила жеңишке жеткен.

Чарбасы. КДР – Тропиктик Африка өлкөлөрүнүн ичинен экон. потенциалы зор өлкө. 1970-жылдардын ортосунан өлкөнүн экономикасы терең кризиске дуушарланган, ал ички саясаттын туруксуздугуна байланыштуу ого бетер терендеген. Көмүскө бизнес, табигый ресурстарды мыйзамсыз иштетип, сыртка сатуу күчөгөн. Мамл. бюджеттин дӭрлик 60%и сырткы булактардын (Европа Союзуна кирген өлкөлөрдүн, АКШны, КЭРдин ж-а эл аралык уюмдардын – ЭВФ, Бүткүл дүйнөлүк банк ж. б.) эсебинен түзүлөт. Узакка созулган кризистен чыгуу тенденциясы 2000-жылдын ортосунан гана байкала баштады. ИДПнин реалдуу өнүгүүсү 2008-ж. 6,3%ти түздү. Өлкөнүн экономикасынын артыкчылыктуу багыты катары ө. ж. ишканаларын (а. и. энергетикалык объектилерди кошо), а. ч. өндүрүшүн калыбына келтирүү, транспорт. инфраструктураны түзүү, жакырчылыкты жоюу жарыяланган. ИДПнин көлөмү 18,8 млрд доллар (2007), аны киши башына белуштургондө 300 доллардан туура келет. Адамзат өнүгүүсүнүн индекси 0,411 (2007-жылдагы дүйнөдөгү 177 өлкөнүн ичинен 168-орунда).

Кен байлыктарды казып алуу (минералдык-сырьёго бай базанын негизинде) ж-а минералдык сырьёлорду алгачкы иштетүүнү өркөрүү ИДПнин 10,4%ин ж-а түшкөн өнөктөнүн 80%ке жакынын түзөт. Казылып алынган маанилүү кендер: кобальт (Катанга провинциясында), жез (Катанга), алмаз (Батыш ж-а Чыгыш Касаи, Экватордук; Төмөнкү Конго, Чыгыш, Маниема), алтын (Чыгыш), күмүш, цинк, калай, германий, тантал. О. эле нефть (жээк бөлүгүнөн ж-а шельф зонасынан) ж-а көмүр (Катанга провинциясында) казылып алынат. К. энергетикалык потенциалы (100 мин *MBm*) б-ча Тропиктик Африкада алдынкы орунду ээлейт. Жылына 7,3 млрд *кBm·c* электр энергиясын өндүрүп, ички муктаждыкка 5,3 млрд *кBm·c* керектелет. Электр энергиясынын негизги болүгү Конго д-ндагы Inga гидроэнергетикалык комплексинен өндүрүлөт (аныкталган кубаттуулугу 39 мин *MBm*).



Жез казып алуу. Катанга провинциясы.

Иштеп чыгаруучу о. ж-н химия (жер семирткич, пластмасса, күкүрт к-тасы, лак-боёк ж. б.), текстиль, булгаары-бут кийим, тамак-аш (ун, пиво, май), тактай тилүү, курулуш материалдар ө. ж. тармактары түзөт. Өлкөнүн негизги ө. ж. борбору болгон Киншасада автомобиль чогултуучу, кеме куруучу, кеме ремонттоочу, металл иштетүүчү ишканалар бар.

Конгонун акчасы – франк.





Өлкө аймагынын 3%ке жакын жери иштетилет, жайыты 6%. Май пальмасы, о. эле бал камыш, кофе, пахта, какао, гевея, чай плантацияларынын мааниси зор; ички муктаждык үчүн маниок, плантейн, жүгөрү, жер жаңгак, күрүч, картошко, ак жүгөрү, тамыр, о. эле папайо, манго, ананас, апельсин, авокадо өстүрүлөт. Мал чарбасы *терпаносомоздордун* кеңири таралгандыгына байланыштуу анча өнүккөн эмес. 2004-ж. 40 мин эчки, 957 мин чочко, 899 мин кой, 758 мин бодо мал болгон, 220 мин т балык кармалган. Токой ресурсу аз пайдаланылат (2006-ж. 6 мин $м^3$ жыгач даярдалган). Баалуу даракт (тик, кара дарак) экспорттук өзгөчө мааниге ээ.

Автомобиль жолунун жалпы уз. 153,5 мин *км*, т. ж. б. 2 мин *км* (2006). Т. ж. аркылуу Дарэс-Салам (Танзания), Лобити (Ангола), Замбия, Зимбабве, Мозамбик ж-а ТАР м-н байланышат. Дарыя жолунун жалпы уз. 15 мин *км*. Ири порттору: Банана, Бома, Бумба, Матади, Киншаса, Мбандака, Кисангани, Кинду. Нефть куурунун уз. 71 *км*, газ куурунуку 62 *км* (2007). 237 аэропорту бар; эл аралык аэропорттору Киншаса, Лубумбаши, Букаву, Гома, Кисангани ш-нда жайгашкан. Экспортко алмаз, жез, нефть, кобальт, жыгач, а. ч. продукцияларын ж. б. чыгарат. Негизги соода кардарлары: Бельгия, Кытай, Бразилия, Чили, Финляндия, АКШ, Пакистан. Машина ж-а жабдууларды (тоо кен-шахта, транспорт каражаттары), отун, азыктүлүктү негизинен ТАР, Бельгия, Франция, Зимбабве, Замбия, Кения, Кот-д'Ивуардан сатып алат.

Маданияты. Билим берүү системасы мектепке чейинки (3–5 жаш), башталгыч (6 жыл) ж-а орто (2 жыл толук эмес ж-а 4 жылдык толук жалпы же кесиптик) жогорку билим берүүнү камтыйт. Калктын сабаттуулугу 15 жаштан жогору 67%ти түзөт. Негизги ЖОЖдору, ил. мекемелери, музейлери, китепканалары Киншаса ш-нда жайгашкан.

К-до ар жумада француз, суахили ж-а лингала тилинде «Lr'Avenir» (1996), француз тилинде «Le Potentiel» (1982) ж. б. гезиттер чыгат. 1936-жылдан радио уктуруу, 1966-жылдан телекөрсөтүү иштейт. Улуттук маалымат агенттиги – Agence Congolaise de Pzesse (ACP; 1960-жылдан).

К. а д а б и я т ы 1920-жылдары калыптана баштап, француз тилинде өнүккөн. Лингала, конго, луба тилинде ад-т пайда болгон. 1945-ж. «Голос конголезца» журналы негизделген. 1940-жылдары Д. Мутомбонун («Сүйүүнүн жеңиши», 1943; «Биздин бабалар», 1948), П. Ломами-Чибамбенин («Крокодил», 1948) повесттери белгилүү болгон. 1970-жылдары проза жанры өнүгө баштаган. Н. Мбаланын «Эки өмүр, жаңы мезгил» (1970) романы, «Бандоки-сыйкырчы» (1971), «Почта открытка» (1974), Б. Заменганын «Жети бир тууган жана карындашы» (1975) ж. б. повесттер ж-а аңгемелер (И. Л. Мудаба ж. б.) жазылган. 1980–90-жылдары Нганду Нкашаманын экспрессионисттик үлгүдөгү романдары ж-а повесттери жарык көргөн. Драматургияда тарыхый ж-а калктын жашоо-турмушун чагылдырган пьесалар жаралган. 20-к-дын аягында К. драматургиясына фр. эксистенциализм ж-а европ. ад-ттын таасири тийген. 20-к-дын 2-жарымында К. поэзиясында саясий, сүйүү ж-а табият темаларын камтыган лирикалар өнүккөн.

К. аймагында аска бетине тартылган сүрөттөр (неолит дооруна таандык) сакталып калган. К. элдеринин көркөм өнөрү байыртадан өнүккөн. Жыгач скульптура, чопо идиш, жыгач, темир ж-а жез кооздуктарын, ар кандай буюм,



Конго элинин бет кеби. 19-к-дын аягы – 20-к-дын башы.

эмгек куралдарын ж. б. жасашкан. Турак жайлары тегерек же чарчы планда, терезелери жок курулуп, үстү конус түрүндө жалбыктар же бутактар м-н жабылып, сырты геом. оймо-чиймелер же символикалык сүрөттөр м-н кооздолгон. 1964-ж. Киншаса, Катанга провинциясында, Түн. ж-а Түш. Кивуда иск-во ж-а сүрөт чеберчилиги борборлору ачылган. 19-к-дын аягы – 20-к-дын башында Киншаса, Мбандака, Матади ж. б. шаарлар пайда болуп, бельгиялык ж-а европ. архитекторлордун долбоору б-ча көп кабаттуу имараттар тургузулган.

20-к-дын 1-жарымынан профессионалдык сүрөт өнөрү өнүгө баштаган. К. аймагындагы байыркы муз. мад-т эстеликтери (археол. казмалардан табылган муз. аспаптар) 8–9- ж-а 12–14-к-га таандык. 16–17-к-да сүйүү, аскер, анчылык ж-а аза ырлары жаралган. Барабан бийликтин символу катары эсептелген. Пигмей мбутилердин эң байыркы вокалдык салттары колдонулган. Башка элдерде түрдүү муз. аспаптар кеңири таралган. 1930–60-жылдары гитара, үйлөмө аспаптар оркестрлери уюшулган. 20-к-дын ортосунан латын-амер. муз.-бий үлгүсү (румба, ча-ча-ча, чаранга, патачанга, мамбо, меренге) К. музыкасынын өнүгүшүнө таасири тийип, гитара, саксофон, кларнет, флейтаны ж. б. камтыган вокалдык-аспаптык ансамблдер пайда болгон. 20-к-дын аягында гитара ж-а барабандан турган ансамблдер көбөйгөн.

К-нун көптөгөн фольклордук ансамблдери этностук топтордун байыркы бий салттарын сактап келүүдө. Бийчи бийлегенде кол чаап, катуу кыйкырып, таңдайларын такылдатып, денесин алаканы м-н чапкылап, бат-баттан кыймылдап бийлейт. Колдору ж-а буттарына шыңгыраган билерик, шакектерди кийип, белине юбка сымал жамынма тагынып, бетине маска кийишет. 2000-жылдардагы белгилүү фольклордук ансамбль Б. Мавинга жетектеген «Масиналык жаш ырчылар ж-а бийчилер» тобу.

19-к-дын аягында бельгиялык колониячылардын келиши м-н К. драмалык театры калыптана баштаган. 2-дүйнөлүк согуштан кийин театр өнөрү өнүккөн. Өлкөнүн ири шаарларында – Леопольдвиль (азыркы Киншаса) м-н Элизабетвилде (азыркы Лумумбаши) европ. үлгүдөгү театр труппалары пайда болгон. 1960-жылдардын башында Африка театр союзу түзүлгөн. 1967-ж. Киншасада Музыка ж-а драма өнөрүнүн улуттук академиясы негизделип, 1971-ж. Улуттук иск-во ин-ту түзүлгөн. 1960-жылдардын 2-жарымында «Мвондо» (Катанга пров.), «Миль» (Матадиш), «Театр ла Коллин» (Киншаса) ж. б. театрлар белгилүү болгон. К. театр өнөрү 2 багытта (классикалык ж-а элдик) өнүгүп жатат.

Ад.: *Ляховская Н. Д.* Поэзия Западной Африки. М., 1975; Искусство народов Африки. М., 1975; *Львова Э. С.* Этнография Африки. М., 1984; Страны Африки 2002. Справочник. М., 2002; *Винокуров Ю. Н.* Демократическая Республика Конго. Власть и оппозиция. М., 2003.

КОНГО, Конго Республикасы – Борб. Африканын батыш бөлүгүндө жайгашкан мамлекет. Түш.-батышынан Атлантика океаны м-н чулганат (жээгинин уз. 169 *км*). Түндүгүнөн Камерун, Борб. Африка Респ., чыгышынан ж-а түштүгүнөн Конго Демокр. Респ., түштүгүнөн





Ангола (Кабинда провинциясы), батышынан Габон м-н чектешет. Аянты 342 миң *км*². Калкы 3,7 млн (2008). Борбору – Браззавиль. Расмий тили – француз тили; улуттук тилдери – лингала ж-а китуба. Адм.-айм. жактан 10 облуска ж-а борбор округуна бөлүнөт (к. таблицаны).

К. – БУУнун (1960), Африка Биримдиги уюмунун (1963; 2002-жылдан Африка союзу), Эл аралык өнүгүү ж-а реконструкция банкынын (1963), ЭВФтин (1963), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун (1997) мүчөсү.

Административдик-аймактык бөлүнүшү (2008)

Адм. бирдик	Аянты, миң *км*²	Калкы, миң	Адм. борбору
Облустары			
Батыш Кювет	28,8	61,[illegible]	Эво
Буэнза	12,3	296,[illegible]	Мадингу
Куилу	13,7	688,[illegible]	Пуэнт-Нуар
Кювет	46,0	113,[illegible]	Овандо
Лекуму	21,0	84,[illegible]	Сибити
Ликуала	66,0	86,[illegible]	Импфондо
Ниари	25,9	363,2	Лубомо
Плото	38,4	206,4	Жамбала
Пул	34,0	540,7	Кинкала
Санга	55,8	82,1	Весо
Борбор округу			
Браззавиль	0,1	1180,2	

Мамлекеттик түзүлүшү. К. – унитардык мамлекет. Конституциясы 2002-ж. 20-январда референдумда кабыл алынган. Башкаруу формасы – президенттик респ. Мамлекет башчысы – президент, 7 жылга шайланат (бир жолу кайра шайланууга укуктуу). Президент өкмөттү башкарат ж-а куралдуу күчтөрдү жетектейт. Мыйзам чыгаруу бийлигинин жогорку органы – кош палаталуу парламент (Улуттук ассамблея ж-а Сенат). Аткаруу бийлигин президент жетектеген коалициялык өкмөт (Министрлер кеңеши) ишке ашырат. Конституция б-ча президент парламентти таратууга, парламент президентти кызматынан кетирүүгө ж-а өкмөткө ишенбөө вотумун жарыялоого укуксуз, өкмөт парламенттин көпчүлүк добушуна карабай президент тарабынан шайланат. К-до көп партиялуу система орун алган. Негизги саясий партиялары: Конго эмгек партиясы, Конго демократия ж-а интегралдык өнүгүү үчүн кыймылы, Социалдык демократия үчүн панафрикалык уюм ж. б.

Табияты. Атлантика океанынын жээги жайпак, кумдуу саяндар, лагуналар кездешет. Жээктей кууш (жазылыгы 40–50 *км*) аккумуляциялык түздүк созулуп жатат. Анын түн.-чыгышын Хрусталдуу ж-а Майомбе жапыз тоолору, эң оён жерин акиташ тектүү түздүк ээлейт (мында рельефтин карсттык формалары кеңири таралган). Өлкөнүн борб. бөлүгүн Батеке денудациялык платосу (деңиз деңг. бийикт. 500–800 *м*) ж-а Шайю тоолору (бийикт. 903 *м*ге чейин, К-нун эң бийик жери) ээлейт. Өлкөнүн түн.-чыгыш бөлүгү Конго ойдунунда жайгашып, анда саздашкан аллювий түздүктөрү басымдуулук кылат. Жеринин негизги бөлүгү байыркы Африка платформасынын борборунда жайгашкан. Негизги кен байлыктары: нефть (негизинен шельфтерде), алтын (Майоко, Мбомо ш-на жакын), жез-коргошун-цинк (өлкөнүн түштүгүндө), темир, боксит, колумбит, танталит, таш көмүр, алмаз ж. б. Аймагында негизинен ысык ж-а нымдуу климат өкүм сүрөт; түндүгүнө дайыма нымдуу экватордук (жылына 2 жолу жаан-чачындын максимуму – март–май ж-а сентябрь–ноябрда байкалат), түштүгүнө кургакчыл сезондуу (июнь – сентябрь) субэкватордук климат мүнөздүү. Эң жылуу айынын (март же апрель) орт. темп-расы 24–28°С, эң суук (июль же август) айыныкы 20–25°С. Жаан-чачындын жылдык өлчөмү 1500–2000 *мм*, түш. чет-жакасында 1200–1400 *мм*. Дарыясы мол дарыяларга бай. Чыгышында [illegible]нүн аймагынын басымдуу бөлүгү Конго [illegible], батышында негизинен Куилу д-нын (Ни[illegible]д-нын жогорку агымы) алаптарына кирет. [illegible]о д. ж-а анын куймалары – Убанги, Санга, [illegible]има м-н кеме каттайт. Жыл сайын калыбына келип туруучу суу ресурстары 222 *км*³ди түзөт, ар бир адамдын суу м-н камсыз болуусу 69 *м*³ден ашат.

Кызыл-сары ферралит топурактары басымдуу; өлкөнүн түн.-чыгышындагы саздуу түздүктөрдө глейлешкен сары ферралит топурактары таралган. Флорасынын курамында татаал өсүмдүктөрдүн 6000ден ашык түрү бар, анын 33 түрү жоголуу алдында турат. Өлкөнүн аймагынын басымдуу бөлүгүн (65%тен ашыгын) экватордук дайыма жашыл ж-а субэкватордук чала дайыма жашыл токой ээлейт. Аралаш ж-а монодоминанттуу дарак өсүмдүктөрү басымдуу; ал энтандрофрагма, бийик перикопсис сымал баалуу даректарга бай; Конго д-нын ж-а анын оң куймаларынын өрөөндөрүндө саздуу токой таралган. Токойсуздануу темпи жылына 1%ти түзөт (1990–2000). Өлкөнүн түш. бөлүгүндө токой 1940-жылдардан баштап эле кыйыла баштагандыктан, 21-к-дын башында токой кыйла суюлуп, анын ордун сезондуу-нымдуу саванна, сейрек токой ж-а кылкандуу өсүмдүктөр ээлейт. К-нун түндүгүндө (негизинен дарыя өрөөндөрүндө ж-а тоо этектеринде) токой 1970-жылдардан баштап гана кыйыла баштагандыктан, анда табигый абалында сакталган токойдун ири массивдери да кездешет. Сүт эмүүчүлөрдүн 200дөй, куштардын 600дөй, сойлоочулардын 150дөй, жерде-суууда жашоочулардын 50дөн ашык, балыктын 80дей, курт-кумурскалардын 2000ден ашык түрү белгилүү. К-до жоголуп бара жаткан жаныбарлардан (сүт эмүүчүлөрдүн 14, куштардын 4 түрү) горилла, шимпанзе, Африка токой пили (дүйнөдөгү кол тийбеген ири популяциялардын бири), бонго ж. б. мекендейт.

К-до коргоого алынган 24 табигый аймак бар (өлкөнүн 15%тен ашык аянтын ээлейт). Алардын ирилери: Одзала улуттук паркы (аянты 13 миң *км*²ден ашык; ЮНЕСКОнун биосфералык резерваты), Нуабала-Ндока улуттук паркы (4 миң *км*²ден ашык). Африка пилин коргоо үчүн бир нече корукча (заказник) уюшулган (а. и. Пул-Плато да бар). К-до Борб. Африкадагы эл аралык маанидеги эң ири суу-саздуу аймактардын бири – Лейк-Телле-Ликуала-оз-Эрб (аянты 4,39 миң *км*²) жайгашкан.

Калкы. К-нун калкынын басымдуу бөлүгү (97,9%и) *нигер-конго тилдеринде* сүйлөйт; а. и. *бантулар* 91,4%ти түзөт; адамава-убанги тилдеринде калктын 6,5%и сүйлөйт. Калкынын табигый өсүүсүнүн жогорку темпи (2,7%, 2008) төрөлүүнүн көптүгүнө (1000 адамга 41,8 бала) байланыштуу; өлүм-житим 1000 адамга 12,3 адам. Эмгек курагындагылар (15–64 жаштагылар – 51%) басымдуу, 14 жашка чейинкилер 46,1%, 65 ж-а андан ашкан курактагылар 2,8%. Калктын орт. курагы 16,3 жыл (2008). Өмүрдүн күтүлгөн орт. узактыгы 53,8 жыл (эркектердики 52,5, аялдардыкы 55 жыл). 100 аялга 99 эр-



Пуэнт-Нуар шаарынын жалпы көрүнүшү.

кек туура келет. Миграция сальдосу оң маанидеги: 1000 тургунга 2,5 (2008). Калкынын орт. тыгыздыгы: 1 *км*² жерге 11 адам (2008; Африкадагы калк эң сейрек отурукташкан өлкөлөрдүн бири). Өлкөнүн түштүгүндө калк эң жыш (1 *км*² жерге 40 адамга чейин), түндүгүндө сейрек (1 *км*² жерге 1 адамдай) отурукташкан. Шаар калкы 62%. Ири шаарлары: Браззавиль (калкы 1180 миң), Пуэнт-Нуар (662,8 миң), Лубомо (122,8 миң), Нкайи (58,6 миң).

Тарыхы. Киндамба ш-на жакын аймактан табылган таш куралдары ж-а аскага тартылган сүрөттөр К. аймагында палеолит доорунда эле адам жашагандыгын далилдейт. К-нун жерг. калкы – пигмейлер. Б. з. 1-миң жылдыгынын башында *бантулар* аларды токойлуу райондорго сүргөн. 13-к-дан кийин К. аймагында Лоанга, Теке (Тио, Анзика, Макоко деп да айтылат) ж-а К. мамл. бирикмелери түзүлгөн. 15-к-дын аягында К. күч алып, Нгойя ж-а Каконго мамл. бирикмелерин басып алган. 1480-жылдары португалдыктар К-го келе башташкан. 16-к-дын ортосунда К. кул сатуу борборуна айланып, өлкө начарлай баштаган. Жерг. калк бир нече жолу португалдарга каршылык көрсөтүшкөн. 1870-

жылдары К-го француздар отурукташкан. 1879–82-ж. фр. экспедиция жетекчиси П. С. де Бразза Макоконун башкаруучусу – Элло I м-н келишим түзүп, ал б-ча Конго д-нын оң жээгиндеги аймактар Франция протекторатына, 1882-жылдан колониясына айланган. 1910-ж. К. Франция Экватордук Африкасынын курамына кирген. Жерг. калктын колониячыларга каршы көтөрүлүштөрү (1910, 1913, 1928) массалык мүнөздө өтүп, күч м-н басылган.

1940–50-жылдары К. коз карандысыздык кыймылы кеңири жайылып, алгачкы саясий партиялар ж-а африкалыктардын профсоюз уюмдары пайда болгон. 1945-ж. Ж. Ф. Чикайя Конго прогрессивдүү партиясын (КПП, 1946-жылдан Африка демокр. биримдигинин секциясы) түзгөн. 1946-ж. Франция соц. партиясы секциясы түзүлүп, 1957-ж. Африка соц. кыймылы партиясына айланган. 1956-ж. Ф. Юлу Африкалыктардын кызыкчылыгын коргоо демокр. уюмун негиздеген. 1960-ж. 15-августа коз карандысыз К. Респ. жарыяланган. 1961-ж. өлкөнүн Конституциясы кабыл алынып, Ф. Юлу президенттикке шайланган. Бирок анын жүргүзгөн саясаты элге каршы болгондуктан, 19[illegible]ж. 13–15-августа үч күндүк рев-яның натыйжасында бийликтен кулап, өкмөттү ж-а 1964-ж. түзүлгөн Улуттук рев-ячыл кыймыл партиясын (УРК)

КОНГО РЕСПУБЛИКАСЫ



премьер-министр (1963-ж. 19-декабрдан президент) А. Массамба-Деба башкарган. УРК өлкөдөгү бирден-бир башкаруучу саясий партияга айланган. 1964-ж. К. өкмөтү экон. өнүгүүнүн 1-беш жылдык планын кабыл алып, айрым чет элдик компанияларды менчиктештирген. К-го бир партиялуу система киргизүү ж-до мыйзам кабыл алынган. А. Массамба-Дебонун жеке бийликке умтулуусу калктын кеңири чөйрөсүнүн нааразылыгын жаратып келип, 1968-ж. август-сентябрь айларында А. Массамба-Дебонун өкмөтүн отставкага кетирүүгө мажбур кылып, башында М. Нгуаби (1969-жылдан президент) турган Рев-яның улуттук кеңеши түзүлгөн. 1969-ж. декабрда Конго эмгек партиясы (КЭП) түзүлүп, башкаруучу саясий партия болуп калган. Жаңы Конституция кабыл алынып, өлкө К. Элдик Респ. деп аталган. 1977-ж. 18-мартта М. Нгуаби өлтүрүлгөндөн кийин мамлекетти Ж. Йомби-Опанго башында турган КЭПтин Аскер к-ти (АК) башкарган. 1979-ж. Д. Сассу-Нгессо КЭПтин төрагасы ж-а К. президенти болуп калган. 1991-ж. коп партиялуу система киргизилип, өлкө кайрадан К. Респ. деп аталган. 1992-ж. референдумда кабыл алынган жаңы Конституция б-ча коп партиялуу системанын негизинде алгачкы президенттик ж-а парламенттик шайлоолор өткөн. Бул шайлоолордо П. Лиссуба жетектеген Социалдык демократия үчүн панафрикалык уюм (1991) жеңишке жеткен. 1993–94-жылдары оппозиция ж-а башкаруучу партиянын (КЭП) жактоочуларынын куралдуу күрөшү башталган. 1997-ж. Д. Сассу-Нгессо К-нун борбору – Браззавиль ш-н басып алып, өзүн президент деп жарыялаган. Өкмөттүк аскерлер ж-а оппозициянын куралдуу отряддарынын кагылышуулары 1999-жылдын аягына чейин уланган. 2001-ж. жалпы улуттук 2-конф-яда Тынчтык ж-до конвенция иштелип чыккан ж-а кабыл алынган. 2002-ж. январдагы референдумда кабыл алынган жаңы Конституцияга ылайык президенттик ж-а парламенттик шайлоолор өткөрүлүп, Д. Сассу-Нгессонун президенттик кызматы сакталып калган. 2007-ж. кезектеги парламенттик шайлоодо КЭП ж-а анын союздаштары кайрадан жеңишке ээ болгон.

Чарбасы. Экономикасынын негизин нефть өндүрүп, экспорттоо (ИДПнин 70%тен ашыгын камсыз кылат). 2000-жылдары К-нун экон. абалы турукташып, 1990-жылдардагы куралдуу кагылышуудан калган финансы-экон. терең кризистен чыга баштаган. К. Тропиктик Африканын туруктуу өнүккөн өлкөлөрүнүн тобуна кайра кошулган. ИДПнин көлөмү 13,2 млрд доллар, аны киши башына бөлүштүргөндө 3,7 мин доллардан туура келет. ИДПнин реалдуу өсүшү 1,6%. Адамзат өнүгүүсүнүн индекси 0,548 (2005; дүйнөдөгү 177 өлкөнүн ичинен 139-орунду ээлейт). Өлкөнүн сыртқы карызы 2000-жылдардын башталышында 5 млрд долларды түзөт (аны киши башына бөлүштүргөндө 2,3 мин доллар – дүйнөдөгү эң жогорку көрсөткүч). К-нун экон. саясаты экономиканы диверсификациялоого, чет элдик ж-а жеке инвестицияларды тартууга, жакырчылыкты жоюуга, а. ч. өндүрүшүн ж-а туризмди өнүктүрүүгө багытталган. 21-к-дын башталышынан өлкөгө жылына 20 миңдей турист келет, туризмден түшкөн киреше 25,6 млн доллар. ИДПнин структурасындагы о. ж-нын үлүшү 57,1%, тейлөө чөйрөсүнүкү 37,3%, а. ч-ныкы 5,6% (2006).

К. нефть өндүрүү б-ча (2006-ж. 13,9 млн *т*) Тропиктик Африкада Нигерия, Ангола, Экватордук Гвинея, Габондон кийинки 5-орунду туруктуу ээлейт. Негизинен Атлантика океанынын шельфинен (Пуэнт-Нуар ш-на жакын) өндүрүлөт. Пуэнт-Нуардагы нефть ылгоочу з-д – К-догу ири о. ж. ишканаларынын бири. 2007-ж. 352 млн *кВт·с* электр энергиясы өндүрүлгөн, ал эми керектөөсү 572 млн *кВт·с*. Электр энергиясынын 99%и 2 гана ГЭСтен өндүрүлөт; 4 шаарда ЖЭС иштейт. Бирдиктүү энергия системасы жок. Нефть өндүрүүдөн кийинки маанилүү 2-тармагы – жыгач даярдоо ж-а аны иштетүү. 14 млн *га* жердеги токой о. ж-лык маанеге ээ. Баалуу дарак породаларынын (негизинен окуме, лимба, махагони, дибету, сапеле, сино) запасы 300 млн $м^3$ден ашат. Жыгачтын 60%ке жакыны өлкөнүн түн. бөлүгүндө, 40%и түш.-батышында даярдалат. 20га жакын жыгач иштетүүчү з-ду бар (Браззавиль, Пуэнт-Нуар, Лубомо ж. б.). Жыл сайын 100 мин $м^3$ чамасында тактай материал, 70–100 мин $м^3$ фанера даяр-

Конго Республикасынын акчасы – франк.





далат. Хим. ишканалар (Браззавиль, Пуэнт-Нуаре ш-ндагы лак-сыр материалдарын, пластмасса, тиричилик химиясын, полимер плёнкаларын, суюлтулган газ даярдоочу ж. б. заводдор), текстиль комбинаты, тамеки ф-касы, металл ремонттоочу ишканалар, кеме ремонтточу верфтер (Браззавиль), тамак-аш (кант, ун, пиво, май), курулуш материалдар (ири цемент з-ду) ө. ж. ишканалары бар.

21-к-дын башынан а. ч. өндүрүшүнүн төмөндөшү ж-а импорттук азык-түлүк товарынын көбөйүшү мүнөздүү. А. ч-на жарактуу жер олконун аянтынын 58,2%ин ээлеп, анын 0,6%и гана пайдаланылат. Майда дыйканчылык чарбалары басымдуу, аларга иштетилүүчү жердин 68%и, өндүрүлгөн а. ч. продукциясынын 85%и таандык. Негизги а. ч-луу аймактары: Буэнза, Ниари, Пул обл. Экспорттук мааниси бар өсүмдүктөрү: бал камыш, жер жаңгак, какао, кофе. Май пальмасынын плантациялары кеңири таралган. Маанилүү а. ч. өсүмдүктөрү: маниок, таро, батат, картошко; о. эле плантайн, жүгөрү, таруу, ак жүгөрү, күрүч өстүрүлөт. Мал чарбасы (экстенцивдүү жартылай көчмөн мүнөздө) ар кандай тропиктик ылаңдарга, а. и. цеце чымынынын чагуусуна байланыштуу анча өнүккөн эмес. 2005-ж. 300 миң эчки, 105 миң кой, 93 миң бодо мал, 54 миң чочко, 2,0 млн үй кушу болгон. Балыкчылык онүгүүдө; жылына 45 миң *т* чамасында балык кармалат.

Автомобиль жолунун уз. 17,3 миң *км*, т. ж-нуку 894 *км* (2004). Негизги деңиз порту – Пуэнт-Нуар (жылдык жүк ташуусу 15 млн *т* чамасында; анын 70%тейи транзиттик жүктөр). Суу жолунун уз. 2,5 миң *км*; негизги дарыя порту – Браззавиль. Нефть куурунун уз. 758 *км* (2007). 31 аэропорту бар, анын 2 эл аралык мааниде (Браззавиль, Пуэнт-Нуар ш-нда).

Сырткы соодасынын көлөмү 8,1 млрд доллар, анын 6,3 млрд долларын экспорт, 1,8 млрд долларын импорт түзөт. Экспортко негизинен нефть (90%ке жакыны), жыгач (7%), кант, кофе, какао, жер жаңгак чыгарат. Негизги соода шериктери: АКШ, Кытай, Тайвань, Корей Респ. Сырттан (Франция, Кытай, Италия, Индия, Бельгиядан) машина ж-а жабдууларды, транспорт каражаттарын, азык-түлүк алат.

Маданияты. К-до б и л и м б е р үү «Билим берүү жөнүндөгү мыйзам» (1967) м-н жөнгө салынат. Билим берүүнүн азыркы системасы 6 жылдык башталгыч (5,5–6 жаштан) ж-а жети жылдык орто (толук эмес ж-а толук орто мектеп) мектептерди, кесиптик-тех. окуу жайларды ж-а ЖОЖдорду камтыйт. Мектепке чейинки тарбия берүүгө балдардын 9%и, башталгыч билим берүүгө 55%и, орто билим берүүгө 25%и камтылган калктын сабаттуулугу 15 жаштан жогору 86%ти түзөт (2006). Белгилүү ЖОЖдору: М. Нгуаби атн. ун-т (1961), ин-ттар ж-а жогорку мектептер. Ил. мекемелери: Борб. африкалык изилдоо, Пастеров (1908) ин-ттары, Ил. ж-а тех. изилдоо б-ча улуттук кеңеш (1966). Илим ж-а техника панафрикалык союзу (1987) ж. б. (баары Браззавилде). Браззавилде күнүгө француз тилинде «Mweti» (197[illegible] «Journal de Brazzaville», «Courrier d'Afriqu[illegible]ж. б. гезиттер чыгат. Радио уктуруу 1935-ж[illegible]ан, телекөрсөтүү 1962-жылдан иштейт. Улу[illegible]к маалымат агенттиги – Agence Congolaise [illegible]Information (ACI; 1962-жылдан).

К. а д а б и я т ы 1950-жылдардан француз тилинде өнүгө баштаган. 1950–70-жылдардын поэзиясы үчүн антиколониялык тематика мүнөздүү (Ж. Ф. Чикая У Тамси, «Бузук кан», 1955; Ж. Б. Тати-Лутара, «Жаңы күндөр», 1975) болсо, 1960-жылдарда баатырдык-тарыхый драма, комедия, 1970–80-жылдарда проза (А. Лопес, Чикайы Кю Тамси, Сони Лабу Танси ж. б.) өнүккөн. 20–21-к-дын чегинде ад-тта агартуучулук идеологиянын кризиси байкалган.

19-к-дын 2-жарымынан шаарларында, европ. типтеги имараттар курулууда. Заманбап искусствосунда Пото-Пото живопись мектебинин чыгармалары өзгөчөлөнөт.

1960-жылдары м у з ы к а с ы өнүгө баштаган. 1965-ж. К. улуттук театры ачылып, 1966-ж. Браззавилде Улуттук конго балети түзүлгөн. Өлкөдө «Монана» балет театры (1992) ж-а «Bivelas» (1992) театралдык компаниясы, «Йаро» (1999) маданий борбору иштеп, 1996-жылдан Браззавилде «Мабина данс» бий фестивалы өткөрүлөт. Белгилүү театр ишмерлери: Сони Лабу Танси, А. Л. Бейкер, Э. Б. Донгала, Ж. Салладен, Н. Бисси, Ж. Нсангата ж. б.

Ад.: *Виноградова Н. В.* Республика Конго. Справочник. 2-е изд. М., 2007; Конго//Большая Российская энциклопедия. Т. 15. М., 2010.

КО́НГО ОЙДУҢУ – Борб. Африкадагы ири ойдун. Байыркы ж-а азыркы чөкмө тектерге (кумдук, чополуу сланец ж. б.) толгон Африка платформасынын синеклизасына дал келет. Тамаңы жайпак, диаметри 1000 *км*дей. Тектирлүү плато ж-а бөксө тоолор м-н курчалган. К. о-нун рельефи ярустук түзүлүштө. Эң жапыз (300–400 *м* бийикте) ж-а голоценде жаралган төмөнкү ярусу жазы, көбүнчө саздак келип, көптөгөн дарыялардын жайылмалуу өрөөндүү К. о-нун борб. бөлүгүндө жалпы бир жайык аллювий түздүгүн пайда кылат. Түздүктү мезгил-мезгили менен суу каптап турат. Андан жогору бир нече деңгээлдеги антропогендик тектирлер ж-а плиоцен-антропогендеги тектир сымал платолор жайгашкан. Платолор четки бөксө тоолорду карай түн. ж-а батышында 500 *м* бийиктен, түш. ж-а чыгышында 1000 *м*ден жогору көтөрүлөт. Саз жерлерди кургатуу иштери жүргүзүлүүдө. Ойдунду Конго д-ныи алабы ээлейт. Ысык ж-а нымдуу экватордук (түн. ж-а түш чет-жакаларында субэкватордук) климат өкүм сүрөт. Айлык орт. темп-расы 23–25°Сден 26–27°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 1500–2000 *мм* ж-а андан да ашык. Ойдунду нымдуу дайыма жашыл гилея ж-а жалбырагы күбүлмө токой (көбү кыйылган), саздак жерлер текши каптаган. Ойдунда жайгашкан ири Салонга улуттук паркы *Буткул дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген.

КО́НГО ОЙДУҢУ ТИЛДЕРИ, к. *Нигер-кордофан тилдери.*

КОНДЕНСА́Т [от лат. condensatus – тыгыздалган, коюулан[illegible]), т о п т о л м о – 1) газды же буулу конде[illegible]циялоодо пайда болгон суюктук. Табигый газ[illegible] болүнүп чыккан ж-а суюк углеводороддор[illegible]аралашмасы түрүндөгү продукт.

КОНДЕНСА[illegible]ЖР (лат. condenso – тыгыздайм, коюулантам) – 1) газ (буу) түрүндөгү затты суюк же катуу затка айландыруучу аппарат. К-до буу темп-расы төмөн болгон металл бетке (беттик К.) же сууга тийгенде (контакттуу К.) конденсацияланат. К. хим. технологияда, жылуулук ж-а муздаткыч курулмаларында ж. б. кеңири колдонулат; 2) э л е к т р К-у – бири-биринен өлчөмү алардан жука диэлектрик м-н бөлүнгөн кыймылдуу же кыймылсыз эки же андан көп электроддордон турган, өз ара электр сыйымдуулукту түзгөн система. Диэлектрик катары газ, суюктук, электр өткөрбөөчү катуу заттар ж-а жарым өткөргүчтөр алынат. Диэлектриктин түрүнө жараша электрод материалы төмөнкүчө айырмаланат: кагаз, аба, карапа, плёнкалуу, слюдалуу, электролиттик К-лор. Констр-сы б-ча туруктуу ж-а өзгөрмө сыйымдуулуктагы К. болуп бөлүнөт. Радиотех. ж-а электр-тех. курулмаларда кеңири колдонулат.

КОНДЕНСАТТЫК КУРУЛМА – конденсатору бар түзүлүштөрдүн ж-а анын туура иштешин камсыз кылуучу түтүктөрдүн, насостордун, арматуранын, жөндөөчү ж-а өлчөөчү приборлордун комплекси. ЖЭСтердеги буу турбиналарын тейлөөчү К. к. ири курулмалардын катарына кирет. Ал буу турбинасында иштетип чыгарылган бууну 5 *кн/м*^{2} (0,5 *кгк/см*^{2}) болгон төмөнкү басымда конденсациялоо үчүн колдонулат. Анда вакуум астында пайда болгон конденсатты сыртка чыгаруучу ж-а буу м-н кошо конденсаторго бара жаткан конденсацияланбаган газды, негизинен вакуум системасынын өтө тыгыз болбогон жеринен кирген абаны тосуп калуучу түзүлүштөр болот.

КОНДЕНСАТТЫК ТУРБИ́НА (бара) – жумуш циклинде конденсациялануу процесси болуучу *буу турбинасы*. Башка кыймылдаткычтардан айырмаланып, К. т. жалгыз жасалга м-н эле өтө чоң кубаттуулукту (1200 *МВт*тан жогору) иштеп чыгарууга мүмкүндүк берет. Бул турбина ири ЖЭСтерде ж-а *атом электр станцияларында* электр генераторун кыймылга келтирет, кеменин башкы кыймылдаткычы катары пайдаланылат. Кубаттуулугу чоң К. т. адатта көп цилиндрлүү (көп тармактуу) болот.

Ад.: Турбины тепловых и атомных электрических станций /Под ред. А. Г. Костюка, В. В. Фролова. М., 2001.

КОНДЕНСА́ЦИЯ (лат. condensatio – тыгыздалыш, коюуланыш) – газ абалындагы заттын муздатуунун же кысуунун натыйжасында суюк же катуу абалга өтүшү. Буу заттын кризис температурасынан төмөн учурда К-ланат. К. буунун көлөмүнүн ичинде (бууга газ аралашканда) дагы болот. Көлөмдүү К. башталыш үчүн буу өтө каныккан болушу керек. Буунун өтө каныккан ченеми болуп, анын Р басымынын өзүнүн суюк же катуу фазасы м-н тең салмактуулукта болгон $P_к$ каныккан буунун басымына болгон катышы эсептелинет: $\varepsilon=P/P_к$, мында ε – буунун өтө каныккандыгынын даражасы. Эгер $\varepsilon>1$ болсо, анда буу өтө каныккан, $\varepsilon=1$ болсо, буу каныккан буу болот. К-нын башталышы е ч о н д у г у н а, буудагы майда бөлүкчөлөрдүн (аэрозолдор) санына көз каранды. К. учурунда К-лануучу заттан бууланганга кеткен жылуулук саны бөлүнүп чыгат. К. ж-а бууланууу жаратылышта суунун айлануусунда ж-а технол. процесстерде р о л у чоң. Суу буусунун атм-да К-ланышынан жаан, кар, шүүдүрүм, бубак пайда болот. Жылуулук ж-а атомдук станцияларда иштетилип чыккан суу буусунун К-ланышы төмөнкү басымда (4 *кПа*га жакын) өтөт. К. муздатуучу машинада, газ суюлткучта, туздандыруу ж-а ректификациялоо түзүлүштөрүндө колдонулат. К. учурунда тамчылардын пайда болушу нымдалуучу беттерде ж-а н о н д о р д о, мис., Вильсон камерасында жеңил өтөт.

КОНДЕ́НСОР (лат. condenso – коюулантам, тыгыздантам) – кыска фокустуу линза же линзалар системасы; ал оптикалык куралда проекциялануучу көрсөнү жарыктандыруу үчүн колдонулат. К. жарык булагынан чыккан нурду буюмга багыттайт ж-а ага түшүүнүн жакшыртат. К. түрдүү түзүлүштөгү микроскоп, спектр аспабы, проекциялык аппараттарда колдонулат. К-дун апертурасы (оптикалык системанын тешиги) кончалык чоң болсо, түзүлүшү ошончолук татаал болот. 0,1ге чейинки сандык апертурада жөнөкөй линза, 0,2–0,3төө эки линза, 0,3төн жогоркуларда үч линза колдонулат. Сфералык аберрацияны азайтуучу сфералык беттери бири бирине караган эки бирдей жалпак-томпок линзадан турган К. көп кездешет. Кээде К-дун линзаларынын бети татаал формада – *парабола*, *эллипс* түрүндө болот. Микроскопто К-дун апертурасын чоңойтуу м-н анын даана көрсөтүүсү жогорулайт. Ар кандай структурадагы жарык булагынан чыккан жарыкты бирдей абалга келтириш үчүн спектрдик аспаптарда көбүнчө бир канча линзадан турган К. колдонулат.

КОНДИ́ТЕР ӨНДҮРҮШҮ – курамында кант басымдуу болгон жогорку калориялуу тамак-аш азыктарын өндүрүүчү өнөр жай тармагы. Ага

канттан ж-а ундан иштелип чыккан кондитердик азыктар кирет. Бул топтор өзүнө карамель, конфет, шоколад, мармелад, вафли, печенье, крекер, ж. б-ны камтыйт. К. ө. өтө динамикалуу өнүгүп келе жаткан өндүрүш тармагы болуп саналат. Акыркы жылдары кондитер азыктарды колдонуу киши башына 8,5 *кг*дан 10 *кг*га чейин өскөн. Кыргызстанда «Таттуу», «Куликов», «Ширин» ж. б. кондитердик ишканалар бар.

КОНДИЦИОНЕ́Р (лат. condicio – шарт, абал) – имараттын (же башка жабык жерлердин) ичине берилген абаны айланышына жараша белгилүү темп-рада ж-а нымдуулукта жөнгө салып туруучу түзүлмө. К. автономдуу (муздаткыч машинасы ж-а аба жылыткычы бар) ж-а автономдуу эмес (жылуулукту ж-а муздактыкты сырттан, ал эми абаны борб. К-ден алган) болуп айырмаланат. Бул система өзүнө муздаткыч,



Кондиционер: 1 – жылуу агым; 2 – желдеткич (вентилятор); 3 – жылуулук алмаштыргыч түтүгү; 4 – чыпка (фильтр); 5 – жылуулук алмаштыргыч; 6 – компрессор; 7 – сырткы жылуулук алмаштыргыч түтүгү; 8 – кеңейтүүчү клапан; 9 – кеңейтүүчү клапан.

ысыткыч, нымдаткыч, кургаткыч, аба чыпкасы ж-а шыкагыч желдеткичти камтыйт. Аба имараттын ичине жайгаштырылган киргизүүчү система аркылуу бөлүштүрүлөт ж-а иштелген аба кайра айлантып киргизүүчү система аркылуу кайра колдонулат. Адам өзүн жакшы сезип, дем алуусуна жакшы шарт түзүлөт (к. *Абаны кондициялоо*). Ысык климаттуу жерде, күнөс жайларда К-ди колдонуу туруктуу ж-а чоң энергия талап кылат.

КОНДИЦИЯЛЫК КЕНТАШ – физ., хим. ж. б. касиеттерине жараша белгилүү өлчөмдө алынган кенташ. Мында кенташтын курамындагы металлдардын өлчөмү белгилүү бир өлчөмдө болушу зарыл. Мис., темирлүү кенташта темир 35–40%, жез кенташында жез 0,4–1%, алтындуу кенташта алтын 0,04–0,05%тен кем болбоого тийиш. Кээде кенташтагы керексиз аралашмалардын (күкүрт, фосфор ж. б.) саны м-н да К. к. аныкталат. Жер астынан казылып алынган кенташтардын кесектигине жараша да кондиция такталат. Казуу, ташуу иштери ыңгайлуу болсун үчүн з-д, ф-каларга жөнөтүлгөн кенташтар белгилүү өлчөмдө, кесектикте даярдалат. Мында кенташтын кесектиги 400–600 *мм*ден ашпоо керек.

КОНДОМИ́НИУМ [лат. con (cum) – бирге ж-а dominium – ээлик кылуу] – 1) биргелешип ээлик кылуу, үстөмдүк; 2) мамл. укукта – мамл. бийликтин ошол аймагында биргелешип иш кылуу; 3) турак жай чөйрөсүндө кыймылсыз мүлктүн бирдиктүү комплексинде менчик ээлеринин бирикмеси. Үй ээлери К-га [illegible] ээлеринин *өнөктөштүгүн* түзөт, жалпы менчикке ээлик кылуу, пайдалануу ж-а тейлөө б-ча өз укуктарын ишке ашыруунун тартиби жөнүндө үй ээлеринин макулдугун камсыз кылат. Үй ээлеринин жалпы менчик объектилерине квартира аралык тепкичтер аянтчасы, тепкичтер, лифттер, лифт ж. б. шахталары, чатырлар, тех. кабаттар ж-а жертөлөлөр, жалпы пайдаланылуучу башка жайлар, коридорлор, белгиленген чектердеги инж. структуранын ж-а жайлуулуктун элементтери бар жер участкалары, о. эле турак жай чөйрөсүндөгү кыймылсыз мүлк комплекси м-н тикелей ж-а ажырагыс байланыштагы өзүнчө турган ж-а аны максаттуу пайдалануугa кызмат кылуучу объектилер кирет. Үй ээлеринин жалпы менчиги болуп эсептелген объектилер обочолонтууга жатпайт. Турак жай чөйрөсүндөгү кыймылсыз мүлктүн бирдиктүү комплексинин чектериндеги менчик ээлери К. мүчөлөрүнүн менчигинде турган жалпы аянтты күтүүгө, куруугa, эксплуатациялоого, өндоого байланышкан *чыгымдарды* көтөрөт. Өнөктөштүк өз мүчөлөрүнүн милдеттенмелери б-ча жооп бербейт, ал эми өнөктөштүктүн мүчөлөрү өнөктөштүктүн милдеттенмелери б-ча жооптуу эмес. Өнөктөштүк коммерциялык эмес уюм болуп саналат, ал өнөктөштүктүн нотариус күбөлөндүргөн *уставын* көрсөтүү м-н жерг. өзүн өзү башкаруу органдарында катталууга тийиш. Катталуу күбөлүгүн алган күндөн тартып, өнөктөштүк *юридикалык жак* укугуна ээ болот.

КОНДУКТОМЕ́ТРИЯ – электролиттердин электр өткөргүчтүгүн өлчөөчү электр-хим. анализ методдорунун бири. Электролиттердин эритмесинин концент-сын аныктоо үчүн колдонулат. К-лык титрлөөдө анын акыркы чекити эритменин электр өткөргүчтүгүнүн кошулган титранттын көлөмүнө көз карандылыгын көрсөткөн ийри сызыгынын сынган жери аркылуу аныкталат. Бул ыкма автоматташтырганга ыңгайлуу. К. таза заттардын ж-а эритмелердин физ., физ.-хим. касиеттерин изилдөөдө, *химиялык кинетикада* электролиттердин диссоциациясын, кислоталардын негиздүүлүгүн, иондордун диффузия коэфф-ин, эритүү кинетикасын, эригичтикти изилдөөдө колдонулат.

КОНДУРУУЧУ АППАРА́Т, к. *Космос аппараты*.

КОНДУЧАЛОВА Күлүйпа (15. 6. 1920, Чүй обл., Аламүдүн р-ну, Кара-Жыгач айылы) – мамл. ж-а коомдук ишмер. КРдин мад-тка эмг. сиң. ишмери (1998), Кыргыз Эл Баатыры (2010). Фрунзе пед. окуу жайын (1938), Москвадагы жогорку парт. мектепти (1945) бүтүргөн. 1938–40-ж. Тянь-Шань обл-ндагы Нарын р-нунун Куланак толук эмес орто мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, директор. 1940–43-ж. Кырг-н ЛКЖС Тянь-Шань обкомунун секретары, Эл депутаттарынын Тянь-Шань обл. советинин аткаруу к-тинде төрагасынын орун басары, Кырг-н КП Тянь-Шань обкомунда лектор, Кырг-н КП БКда лектор, 1945–[illegible]-ж. Кырг-н КП Фрунзе обкомунда үгүт ж-а саясат бөлүмүнүн башчысынын орун басары, «Коммунист» журналынын редактору, Кырг-н КП БКда аялдар бөлүмүнүн башчысы, 1948–49-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун секретары, 1947–49-ж. партиянын Жалал-Абад обкомунда үгүт ж-а саясат бөлүмүндө секретарь, 1949–52-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президимунун төрагасынын орун басары, 1952–53-ж. Кырг-н КП БКнын секретары ж-а аялдар арасында иштөө б-ча бөлүмдүн башчысы, 1953–58-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасынын орун басары ж-а тышкы иштер министри, 1958–63-ж. Кыргыз ССР мад-т ж-а тышкы иштер министри, 1963–80-ж. Кыргыз ССР мад-т министри, 1980–2003-ж. КРдин тарых ж-а мад-т эстеликтерин коргоо коомунун Борб. кеңешинин президиумунун төрагасы. СССР Жогорку Советинде Улуттар Советинин төрагасынын орун басары (1958–62). Кыргыз мамлекетинин мад-ты м-н иск-восуна зор эмгек сиңирген. СССР Жогорку Советинин (1954–62) ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин (1947–75) депутаты. Эл аралык Курманжан датка сыйлыгынын ээси. Ленин, эки жолу Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси», 1-даражадагы Манас ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.



КОНДУЧАЛОВА Сагыйпа (6. 5. 1926, Чүй обл., Аламүдүн р-ну, Кара-Жыгач айылы 11. 2. 2006) – педагог, Кыргыз ССРинин элге билим берүүгө эмг. сиң. ишмери (1990). Фрунзе пед. окуу жайын бүтүрүп (1943), Кара-Жыгач айылдык мектебинде мугалим болуп эмгектенген (1945). М. В. Фрунзе атн. Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүтүрүп (1949), Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тунда мугалим (1949–50), Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунда ил. кызматкер (1955–59), Ош мамл. пед. ин-тунда мугалим (1959–61), кафедра башчысы (1961–70), В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер пед. ин-тунун кыргыз тили ж-а ад-ты кафедрасынын доценти (1970–73), кафедра башчысы (1973–89), проф. (1989–93) И. Арабаев атн. мамл. ун-тинин проф. болгон (1993–2006). 80 ден ашык ил. эмгектин автору.

Эмг.: Методика преподавания родного языка. Ф., 1974; Эне тили. 2-класс. Ф., 1978.

КО́НЕВ Иван Степанович [16(28). 12. 1897, Вологда губерниясы, Лодейно кыш. – 21. 5. 1973, Москва] – Сов. Союз. маршалы (1944), эки жолку Сов. Союз. Баатыры (1944, 1945), 1-дүйнөлүк (1914–18) ж-а Жарандык согуштун (1918–20) катышуучусу. 1918-жылдан Кызыл Армияда. Жарандык согушта Колчак аскерлерине, япон интервенттерине каршы күрөшкөн, Кронштадт козголоңун (1921) басууга катышкан. Аскер академиясынын жогорку курсун бүткөн соң (1926) полктун ж-а дивизиянын командири. 1934-ж. Фрунзе атн. Аскер академиясын бүтүргөн. 1934–41-ж. аткычтар дивизиясынын, корпустун, аскер округдарынын командачысы. Улуу Ата Мекендик согуш (1941–45) мезгилинде 19-армиянын, андан соң Батыш, Калинин, Түн.-Батыш, Талаа, 2-, 1-Украин фронтторунда аскер командачысы. 1945–46-ж. сов. аскерлердин Германиядагы борб. тобунун башкы командачысы ж-а Австрия б-ча жогорку комиссар, 1946–50-ж. кургактагы аскерлердин башкы командачысы, СССР Куралдуу Күчтөр министринин орун басары, 1950–51-ж. Сов. Армиянын башкы инспектору-аскер министринин орун басары, 1955–60-ж. Коргоо министринин 1-орун басары, Варшава келишимине (1955) кирген өлкөлөрдүн бириккен куралдуу күчтөрүнүн Башкы командачысы, 1961–62-ж. Германиядагы сов. аскерлер тобунун Башкы командачысы, кийин СССР Коргоо министрлигинде генералдык инспекторлор тобунда ж. б. аскердик жооптуу кызматтарда иштеген. СССР Жогорку Советинин (1–8-шайланышынын) депутаты. Жети Ленин, Октябрь Революциясы, «Жениш», үч Кызыл Туу, 1-даражадагы эки Суворов ж-а эки Кутузов, Кызыл Жылдыз ордендери ж-а чет өлкөлүк он үч орден ж-а медалдар м-н сыйланган. Сөөгү Кремль дубалына коюлган. Туулган жерине коло айкел тургузулуп, Аскер-Дениз Флоту министрлигинин кемесине, Москва, Донецк, Славянск, Харьков, Черкассы, Кировоград ш-ндагы бирден көчө анын ысмынан аталган.



Ад.: *Баскаков В. Е.* Маршал Конев. М., 1992; *Португальский Р.* Маршал Конев. Мастер окружений. М., 2007.

КОНЁНКОВ Сергей Тимофеевич [28. 6(10. 7). 1874, азыркы Смоленск губ., Ельня уезди, Караковичи кыш. – 9. 10. 1971, Москва] – орус совет скульптору, Лениндик сыйл. (1957), СССР мамл. сыйл. (1951) лауреаты. СССР сүрөт академиясынын (СА) аныкмүчөсү (1954), СССР эл сүрөтчүсү (1958), Соц. Эмг. Баатыры (1964). Москвадагы живопись, ийчилик (ваяние), зодчийлик окуу жайында (1892–96) ж-а Петербург САда



С. Конёнков – өзүнүн окуучусу Т. Садыков менен.

(1899–1902) окуган. «Искусство дүйнөсүнүн» экспоненти ж-а Орус сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү. Алгачкы чыгармаларында («Таш талкалоочу», коло, 1898, Третьяков галереясы; «Самсон», гипс, 1902, сакталбай калган) 1900-жылдардын ортосунан К. түзгөн фольклордук-жомоктук образдарды («Еруслан Лазаревич», 1913; Серпухов тарыхый-сүрөт музейи), байыркы ж-а *Кайра жаралуу* доорлорунун салтындагы телегейи тегиз адамдын жыгач тулкуларын, улуттук эстетикалык ж-а этикалык идеалды издөөгө байланышкан («Нике», мрамор, 1906, Третьяков галереясы) чыгармаларды жаратып, Бах, Паганини сыяктуу улуу адамдардын портреттерин сомдогон. Сов. монументтик скульптуранын башатында турган «Элдердин ынтымагы жана боордоштугу үчүн күрөштө курман болгондорго» мемориалдык тактанын автору. К. 1923–45-ж. АКШда жашаган. К. негизинен портрет жанрында («А. М. Горький», коло, 1928, А. М. Горькийдин музейи, Москва; «И. П. Павлов», 1930; «Ф. М. Достоевский», 1933 – экөө тең гипс, Орус музейи; автопортрет, мрамор, 1954, Третьяков галереясы) иштеген. Кыргыз скульптору Т. *Садыковдун* чыг-лыгына таасир берген. Эки Ленин ордени ж-а медаль м-н сыйланган.

Ад.: *Садыков Т.* Крылья. М., 1976; Конёнков С. Т. Встречи. Воспоминания современников о скульпторе. М., 1980; *Бычков Ю. А.* Конёнков. 2-е изд. М., 1985.

КО́НКИН Григорий Ефимович (1911, азыркы Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Кызыл-Суу кыш. – 1941, Москва обл., Волоколамск р-н, Дубосеково разъезди, соогү Нелидово кыш-на коюлган) – Сов. Союз. Баатыры (1942, өлгөндөн кийин). 1941-жылдан Сов. Армияда. Улуу Ата Мекендик согушта (1941–45) 316-аткычтар дивизиясынын 1075-аткычтар полкунда кызмат кылган. Немис баскынчыларынын Москвага жасаган 2-башкы чабуулунун мизин кайтарууга катышкан. 1941-ж. 16 ноябрда Дубосеково разъездин коргоочулар м-н [illegible]ктуу 28 панфиловчунун катарында эрдик ко[illegible]түп, баатырларча курман болгон. Ленин ор[illegible]ни м-н сыйланган. Жети-Өгүз р-нундагы К[illegible]новка кыштагына, мектепке, Каракол ш-ны[illegible]ир көчөсүнө ысмы ыйгарылып, Кызыл-Суу [illegible]лына айкели коюлган.



КОНКИСТАДОРЛОР (исп. conquistador – баскынчы) – 15–16-к-дын аягында Т[illegible]. ж-а Борб. Америкага атайын жиберилген испандык талоончул баскынчылар. 15-к-да Америка ачылгандан кийин, анын аймактарын К. басып алып, жерг. индей калкын кырып, кулга айландырган, байлыктарын талап-тоноп, тартып алынган алтынды, кулду ж-а жерди өз ара бөлүштүрүшкөн.

КОНКОРДА́Т (лат. concordatum – келишим) – католик чиркөөсүнүн башчысы катары Рим папасы м-н кайсы бир мамлекеттин ортосундагы мамлекеттеги католик чиркөөсүнүн укуктук абалын ж-а милдеттерин жөнгө салуучу келишим. К. алгач 1122-ж. 23-сентябрда Вормста (Германия) рим папасы Каликс II м-н герман императору Генрих Vнин ортосунда түзүлүп, бул келишим инвеститура (жарандык бийликтин жогорку дин кызматкерлерин дайындашы ж-а диний наам ыйгарышы) үчүн күрөштү токтоткон. О. эле Болон К-ы (1516), папа Пий VII ж-а Наполеон К-ы (1801), Рим папасы м-н Муссолининин фашисттик өкмөтү (1929), гитлердик Германия (1933) ж-а Франко Испаниясы (1953) К-тары түзүлгөн.

Ад.: *Лаврецкий И. Р.* Ватикан, М., 1957; *Шейнман М.* Ватикан между двумя мировыми войнами, М.; Л., 1948.

КОНКРЕ́ЦИЯ (лат. concretio – өсүү, коюлуу) – чөкмө тектердин арасында кездешүүчү ар кандай түспөлдөгү (тоголок, сүйрү, жалпак ж. б.) минералдык түзүлүш. Тоо тектери пайда болгон учурда, алардын курамындагы минералдар мурда орун алган бүртүкчөнүн (минерал же тектердин сыныктары, балыктын соогү, үлүл калканы, өсүмдүк калдыгы ж. б.) айланасына топтолуп, диффузия же инфильтрация жолу м-н кристаллданат. Тоголок, сүйрү, жалпак турпатка ээ болот. Катмарчаланган кальцит, темир, кремний кычкылы, марганец, сульфид, сидерит, барит ж. б. минералдар кездешет. Чөндүгү бир нече *мм*ден *м*ге жетет. Бардык тектерде, азыр пайда болуп жаткан көл, деңиз, океан чөкмөлөрүндө жолугат. Тынч. Атлантика, Инд океандарынын түптөрүндөгү темир-марганец К-лары (10% ке чейин) турму[illegible] зор мааниге ээ.



Чопо-карбонаттуу конкреция.

КОНКУ́Р (фр. concours – мелдеш) – *ат спортунун* негизги т[illegible]өрүнүн бири; белгиленген маршрутта (узун[illegible]0–1100 *м*) 75×40 *м*ден кем эмес талаада 16га [illegible]инки тоскоолдукту жеңип чыгуу. К. иппи[illegible]огорку), мергенчилик ж. б. болуп айырма[illegible]ат. 1900-жылдан олимпиялык оюндардын [illegible]граммасына кирген, 1953-жылдан дүйнөнүн [illegible]мпионаты өткөрүлөт.

КОНОВА́ЛОВ ЗАКОНДОРУ – бууланган эки заттан турган суюк эритменин курамы м-н анын каныккан буусунун курамы ж-а басымынын байланышы ж-дөгү закондор. 1881–84-ж. орус химиги Д. П Коновалов негиздеген. Биринчи закон: а) эритмеге караганда бууда көбүрөөк болгон компоненттин суюктуктагы концент-сы көбөйгөн сайын, эритменин буусунун басымы чоңоёт; б) эритмеге караганда бууда азыраак болгон компоненттин суюктуктагы концент-сынын көбөйүшү м-н эритменин буусунун басымы азаят; в) эритмеге караганда бууда көбүрөөк болгон компоненттин суюктуктагы концент-сынын көбөйүшү м-н эритменин кайноо темп-расы азаят; г) эритмеге караганда бууда азыраак болгон компоненттин суюктуктагы концент-сы көбөйгөн сайын эритменин кайноо темп-расы чоңоёт. Экинчи закону: экстремум чекиттеринде буунун басымы изотермиялык шартта же кайноо темп-расы изобаралык шартта буунун ж-а суюктуктун курамы бирдей. К. з. буулантуу, реактивдештирүү ишинде чоң мааниге ээ.

КОНОК, к. *Мейман.*

КОНОК (Panicum italicum) – дан өсүмдүктөр тукумундагы бир жылдык чөп өсүмдүк. Эгилме ж-а жапайы түрү бар. Сабагынын уз. 50–100 *см*. Шыпыргы сымал (машакка окшош) топ гүлдүү, чачы тамырлуу. Машагынын кыска, жумшак кылкандары бар. Даны эллипс формасында, таруунукунан майдараак (100 данынын салм. 1,5–3,5 *г*), саргыч, кызгылт. Кургакчылыкка чыдамдуу, жылуу, кумдак, айрыкча кара топурактуу жерде жакшы өсөт. Жапайы түрү Азия өлкөлөрүндө, эгилмеси КМШ өлкөлөрүндө – Украина, Түн. Кавказ, Молдова, Казакстан, Батыш Сибирь, Борб. Азияда өстүрүлөт. Морфол. ж-а биол. өзгөчөлүктөрүнө карата кайрак жерде өсүүчү н а к т а К. (тез бышат, кургакчылыкка чыдамдуу, анча бийик эмес) ж-а сугат өрөөндө өсүүчү и т К. (кеч бышат, бийик өсөт) болуп айырмаланат. К. тамак-ашка ж-а тоют катары пайдаланылат. Гүлдөгөнгө чейин чабылган көк бакалы аш болумдуу тоют, 100 *кг*ында 17 тоют бирдиги, 1,8 *кг* сиңимдүү протеин, 7 *г* каротин болот. Гектарынан 100–250 *ц* көк бакал, 25–65 *ц* дан алынат. Даны тартылып, малга жем болот. Илдеттери: кара көсөө, жалбырак чүрүшү ж. б.

КОНОНЕ́Ц Ирина Евгеньевна (10. 2. 1950-ж. т., Фрунзе) – медицина илимд. доктору (1999), проф.(2002). КММИни (1973), ошол эле жерде аспирантураны (1978) бүтүргөн. КММАда ассистент (1973), доцент (1980) КРдин Саламаттык сактоонун (1999) ж-а билим берүүнүн (2002) отличниги. Бийик тоо физиологиясы б-ча адис. 155тен ашык ил. эмгеги, а. и. 3 монографиясы ж-а 12 окуу китеби бар.

Эмг.: Состояние сердечно-сосудистой системы в условиях высокогорья Киргизии. Ф., 1982; Основы физиологии человека (в соавторстве). 2-х томах, СПб., 1994; Физиология пищеварения. 5., 2009; Физиология гемодинамики. Б., 2011.

КО́НОНОВ Андрей Николаевич [14(27). 10. 1906, Санкт-Петербург – 30. 10. 1986, Ленинград) – түрколог ж-а тарыхчы, филология илимд. доктору (1948), Ленинград ун-тинин проф. (1950), СССР ИАнын академиги (1974), Түрк лингв. коомунун (1950), Венгрия чыгыш таануучуларынын ил. коомунун (1970), Венгрия ИАнын (1973), Польша чыгыш таануучуларынын (1974), Королдук Азия Коомунун (1974, Лондон) ардактуу мүчөсү, Хельсинкидеги финн-угор таануу коомунун корр. мүчөсү (1974). Ленинград чыгыш таануу ин-тун бүтүргөн (1930). Ленинград ун-тинин түрк филологиясы кафедрасынын башчысы (1949–72), деканы (1953–54), СССР ИАнын Чыгыш таануу ин-тунун Ленинград бөлүмүнүн башчысы (1961–63), кийинки жылдары Сов. түркологдор к-тинин төрагасы болуп иштеген. Негизги ил. эмгектери түркология маселелерине арналган: «Азыркы түрк адабий тилинин грамматикасы» (1956), «Азыркы өзбек адабий тилинин грамматикасы» (1948, 1960) ж. б. Ленин, эки жолу Эмгек Кызыл Туу, Элдердин достугу ж-а «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.



Ад.: *Петросян Ю. А., А. Н. Кононов* //Письменные памятники и проблемы истории культуры народов Востока. М., 1986. Ч. 1.

КО́НОНОВ Виктор Сергеевич (1922, РФ, Орёл обл. – 2007, Бишкек) – медицина илимд. доктору (1970), проф. (1972). КММИни бүтүргөн (1950). КРдин эмг. сиң. врачы (1984) ж-а илимге эмг. сиң. ишмери (1995). 1997-жылдан КММАда проф. болуп иштеген. Балдар хирургиясы, травматология ж-а ортопедия б-ча адис. 350дөн ашык ил. эмг., а. и. 3 монография, 9 ойлоп та-

буусу бар. Кызыл Жылдыз ордени, «Данк» медалы м-н сыйланган.

Эмг.: Гематогенный остеомиелит у детей. М., 1974.

КО́НРАД Николай Иосифович – (13. 3. 1891, Латвия, Рига – 30. 9. 1970, Москва) – филолог, тарыхчы, орус чыгыш изилдөөчүсү, СССР ИАнын



корр. мүчөсү (1938), академиги (1958). 1912-ж. Петербург ун-тинин чыгыш тилдер ф-тин (кытай-япон болүмүн) бүтүргөн. 1922–38-ж. Ленинград ун-тинин чыгыш таануу ф-тинде, 1941-жылдан Москва чыгыш таануу ин-тунда Япон тили кафедрасын жетектеген. 1943-жылдан өмүрүнүн акырына чейин СССР ИАнын Чыгыш таануу ин-тунда иштеген. Япония, Кытай, Корея, О. Азия, Европа элдеринин тили, ад-ты жа тарыхы б-ча 200дөн ашуун ил. эмгек жазган. «Япон улуттук адабий тилинин синтаксиси» (1937), «Кытай тили жөнүндө» (1952), Кытай менен Япониядагы адабий тил жөнүндө (1954) ж. б. изилдөөлөрү чыгыш лингвистикасынын, «Япон феодализминин маселелери» (1923), «Япон тарыхынын байыркы замандан Мейдзи тонкорүшүнө чейинки очерки» (1934), «Тарых илиминдеги орто кылымдар доору» (1955) ж. б. эмгектери чыгыш тарыхынын орчундуу маселелерине арналган. К. «Дүйнөлүк тарыхтын» Башкы редакциясына мүчө болуп, ага бир нече макала жазган. «Батыш менен Чыгыш» деген китеби (1966) япон, англис тилдерине которулган. «Япончо-орусча чон создүгү» (1970) үчүн СССР мамл. сыйлыгы ыйгарылган (1972). Ал сов. япон таануу мектебин негиздеген. Эки Эмгек Кызыл Туу ордени, Япония өкмөтүнүн 2-даражадагы «Тандуу Күн» ордени м-н сыйланган.

Эмг.: Японская литература в образцах и очерках, Л., 1927; М., 1991; Сантаксис японского национального литературного языка, М., 1937; Запад и Восток (2-изд.), М., 1972.

Ад.: *Жуков Е. М.* К семидесятилетию акад. Н. И. Конрада//Китай, Япония, М.,1961; *Вахтин Б. Б., Фишман О. Л.* Николай Иосифович Конрад, «Советская тюркология, 1970, № 5.

КОНСА́ЛТИНГ (англ. consulting – консультация берүү) – өндүрүүчүлөрго, сатуучуларга, сатып алуучуларга экономиканын финансынын, тышкы экон. байланыштын кенири чөйрөдөгү маселелери боюнча консультация берүүчү атайын *компаниялардын* ишмердиги. К. компаниялары *товар рыногун, кызмат көрсөтүүнү, лицензияларды, ноу-хауну* ж. б., о. эле дүйнөлүк товар рынокторунун бааларын, соода-саясий шарттарды, экспорт-импорт операцияларын баалоо, эл аралык кызматташтык объектилерине техника-экон. негиздерди иштеп чыгуу, ички ж-а тышкы чөйрөнү эске алуу м-н ишканалардын финансы-чарбалык ишмердигине маркетингдик изилдөө, талдоо жүргүзүү ж. б. б-ча изилдөө ж-а болжолдоо кызматын көрсөтөт.

КОНСЕ́НСУС (лат. consensus – макулдук, бир пикирдүүлүк) – эл аралык конференцияларда ж-а кеңешмелерде активдүү түрдө каршылык билдирилбеген учурда, формалдуу добуш берүүнү өткөрбөстөн эле катышуучулардын жалпы макулдугунун негизинде чечимдерди же келишимдерди кабыл алуу. К. методу БУНун бир катар органдарында кабылданган, ал өткөргөн эл аралык конф-яларда ж-а кеңешмелерде колдонулат. 1975-ж. Европадагы коопсуздук ж-а кызматташтык б-ча кеңешмеде кардиналдуу чечимдерди кабыл алуу учурунда пайдаланылган. Саясий планда алганда ар түрдүү саясий күчтөрдүн ортосундагы жаңжалдарда сүйлөшүүлөр аркылуу ар тараптан оз ара элдешүүлөргө баруу м-н бир пикирге келүү жолу.

КОНСЕПСЬО́Н – Чилидеги шаар. Био-Био облнун адм. борбору. Калкы 404,6 мин (2009), агломерациясында 1040,6 мин. Өлкөнүн маанилүү экон. борбору ж-а жол тоому. К-дун Тынч океандагы аван порттору Талькауано ж-а Томе. Машина куруу, нефть ажыратуу, нефть-хим., текстиль, полигр., цемент, целлюлоза-кагаз ж. б. о. ж. ишканалары иштейт. Ун-тер, музейлер бар. 1550-ж. негизделген. 1818-ж. К-до Чилинин коз каранды эместиги жарыяланган.

КОНСЕРВАЛОО (азык-түлүктү) – тамак-аш азык-түлүктөрүн узак убакытка сактоодо бузулуп кетпеши үчүн иштетүү ыкмалары. Негизинен азык-түлүктөр андагы микроорганиздердин көбөйүшүнөн ж-а азык-түлүктөрдүн курамындагы ферменттердин терс аракетинен бузулат. К-нун бардык ыкмасынын негизги максаты – микроорганиздерди жок кылуу, ферменттердин активдүү аракеттерин токтотуу болуп эсептелет. Анын ыкмасына стерилдөө, пастерлөө, тондуруу, кургатуу, туздоо, ыштоо (сүрсүтүү), кант ж-а хим. заттарды кошуп иштетүү кирет. К-нун бардык ыкмасында азык-түлүк алгач сорттолот, жуулат, желбөөчү бөлүктөрүнөн тазаланат. Эт азыктарынын тарамыштары, балыктын түрпүлөрү ж-а ички алынып ташталат. Стерилдоодо азык-түлүк 100–140°С темп-рага чейин, пастерлөөдө 100°Сге чейин ысытылса, тоңдуруу үчүн –18°тан –25°С темп-рага чейин муздатылат. Кургатууда азык-түлүктөгү ным жок кылынат. Ошентип, К-нун бардык ыкмаларында микроорганизмдердин жашоо чөйрөсүн жок кылуу чаралары көрүлөт (к. *Стерилдөө, Пастерлөө, Тондуруу*).

КОНСЕРВАТИ́ЗМ (лат. conservo – коргойм, сактайм дегенден) – саясаттагы багыт. Устомдук кылган мамл. ж-а коомдук тартипти коргоп, онолууларды ж-а реформаларды талап кылган либерализмге каршы турат. К. идеол. багыттуулук ж-а саясий кыймыл катары социалдык

өзгөрүүлөргө каршы туруп, салттык баалуулуктарды ж-а тартипти сактоону көздөйт. Тарыхта К-дин ар кыл түрлөрү болгон, негизинен ал рев-ялар м-н радикалдык реформаларды жактырбайт, туруктуу социалдык системаларды ж-а нормаларды жактайт. Социалдык өзгөрүүлөр шартында К. эски тартиптерди бузууга, жок кылууга өтө этият мамиле жасайт. «К.» терминин алгач Ф. Шатобриан колдонгон, анда К. 18-к-да Франциядагы рев-я убагында аристократиянын идеологиясын билдирген концепцияны түшүндүрө

КОНСЕРВАТОРИЯ (лат. conservare – сактоо) – музыка онорчулорун (аспапчы, ырчы, дирижёр), композиторлорду, музыка таануучуларды даярдоочу жогорку окуу жайы. 16-к-да Италияда кароосуз калган балдарды баккан жай К. делген, анда балдар кол онорчулукко үйрөнүп, муз. сабатка ээ болушкан. Биринчи консерватория Неаполдо 1537-ж. пайда болгон. К-лар атайын жогорку окуу жай катары 18-к-дын аягында ачыла баштап, 1795-ж. Париж К-сы негизделген. Россияда алгачкы К. 1862-ж. Санкт-Петербургда, 1866-ж. Москвада ачылган. Азыр дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө К. бар. *Кыргыз улуттук консерваториясы* 1993-ж. ачылган.

КОНСОЛИДА́ЦИЯ [лат. consolidatio, con (cum) – бирге, чогуу ж-а colido – бекемдейм, бириктирем] – 1) бир нерсени чыңоо, бекемдөө; 2) айрым жактардын, топтордун, *фирмалардын* же *компаниялардын* жалпы максат үчүн күрөштү күчөтүү максатында биригиши, баш кошуусу; 3) алып сатарлык акцияларды сатуудан алынган пайданы ишенимдүү акцияларга салуу; 4) олкөнүн валюта резервиндеги улуттук валютасын жаны эл аралык акча *активдери* м-н алмаштыруу; 5) жыйынтык отчёт даярдоодо бух. маалыматтарды топтоштуруу; 6) бир нече *карыздарды ссудалык процентин* өзгөртүү м-н узгыраак бирооно бириктирүү.

КОНСО́ЛЬ (франц. console) – 1) бир жагы бекем бекилген, экинчи жагы бош курулуш конструкциясы (мис., устун же ферма) же анын тироочтөн ашыра коюлган констр. бөлүгү. К. көбүнчө курулушта кошумча тирооч коюуга мүмкүн эмес жагдайда колдонулат; 2) дубалда карниз, балкон, фигура ж. б. кармалып туруучу урчук же дубалдан бир учу чыгарылып коюлган устун; 3) учуучу аппараттын (самолёттун) канатынын учунан корпуска (фюзеляжга) чейинки бөлүгү.

КОНСТАНТИ́НА – Алжирдин түн.-чыгышындагы шаар. Константина вилайясынын (адм.-айм. бирдик) адм. борбору. Калкы 659 мин (2006). Эл аралык аэропорту бар. Тамак-аш (ун, кант, пиво), текстиль, металл иштетүү, машина куруу о. ж. ишканалары иштейт. Өлкөнүн негизги дан рыногу, кустардык кол онорчулук (килем ж. б. токуучулук, булгаарыдан буюм даярдоо ж. б.) өнүккөн. Ислам ун-ти, музей бар. Эн байыртадан (Цирта) белгилүү. Шаар император Улуу Константин Інин урматына аталган. Рим курулуштарынын калдыктары, түрктөрдүн мезгилиндеги касба, мечиттер, медреселер, мавзолейлер, Кожо Ахмеддин ак сарайы (19-к.) сакталган.

КОНСТАНТИ́НОВ Борис Павлович [23. 6(6.7). 1910, Санкт-Петербург – 9. 7. 1969, Ленинград] – орус совет физиги, СССР ИАнын академиги (1960, корр. мүчөсү, 1953), вице-президенти (1967-жылдан), Соц. Эмг. Баатыры (1954). Лениндик сыйл. (1958) ж-а СССР мамл. сыйл. (1953) лауреаты. Ленинград политех. ин-тун бүтүргөн (1926–29). 1947-жылдан Ленинград политех. ин-тунда проф. Негизги ил. изилдөөлөрү теор. ж-а колдонмо акустика, ядро физикасы, плазма физикасы, астрофизика ж. б. тармактарга арналган. Хим. элементтердин универсал микроанализ методун иштеп чыккан. РСФСР Жогорку Советинин (6–7-шайланышынын) депутаты. Эки Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

КОНСТАНТИ́НОВКА – Чүй обл-нун Аламүдүн р-нундагы кыштак. Ленин атн. айыл округуна караштуу. Ат-Башы каналынын боюнда, деңиз деңг. 620 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Лебединовка кыш-нан 21 *км* түн.-батыш тарапта. Кыштак 1944-ж. негизделген. Калкы 1052 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КОНСТАНТИНО́ПОЛЬ – *Византиянын* борбору, к. *Стамбул*.

КОНСТА́НЦА – Румыниянын чыгышындагы шаар. Констанца жудецинин (адм.-айм. бирдик) адм. борбору. Калкы 320 мин (2004). Кара деңиздеги олкөнүн башкы порту (жылына 15 млн *т* жүк ташылат). Эл аралык аэропорту бар. Шаар 6-к-да иония гректери тарабынан негизделген. Б. з. ч. 29-ж. римдиктер басып алган. К. 1413–1878-ж. Осмон империясынын бийлигинин астында болгон. 1878-жылдан Румыниянын курамында. Кеме куруу ж-а ремонттоо, целлюлоза-кагаз, эмерек, жеңил, тамак-аш о. ж. ишканалары иштейт. Археол. ж-а сүрөт музейлери бар. К. – Румыниянын Кара деңиз жээгиндеги туризм борбору. Антика мезгилинин курулуштарынын калдыктары, грек ж-а рим некрополдору, базилика (5–6-к.), мечиттер (18–19-к.) сакталган.

КОНСТИТУ́ЦИЯ (лат. constitutio – түзүлүш) олкөнүн негизги (башкы) мыйзамы, мамлекеттин өзгөчө укуктук документи. К. мамлекеттин ж-а коомдун түзүлүшүнүн негиздерин, адамдын ж-а жарандын укуктук абалынын негиздерин жөнгө салат. «К.» түшүнүгү Байыркы Рим императорлорунун айрым актыларында ж-а о. кылымдарда колдонулган, бирок мааниси ж-а

формасы жагынан укуктук акт боло алган эмес. Королдук ж-а феодалдык зомбулуктарды чектөө үчүн коомдун белгилүү бир өнүгүү этаптарында К. өзгөчө документ катары пайда болгон. Алгачкы жазылган К. 1787-ж. АКШда кабыл алынган. К. жогорку юрид. күчкө ээ, кабыл алуунун ж-а өзгөртүү киргизүүнүн өзгөчө тартиби м-н мүнөздөлөт. К. адатта атайы түзүлгөн К-лык уюмдаштыруу жыйыны тарабынан же түздөн-түз элдик добуш берүү м-н кабыл алынат. Мусулман мамлекеттеринде чыныгы К. деп Куран эсептелет, бардык мыйзамдар Куранга шайкеш келүүгө тийиш. К. мамлекеттин мыйзам чыгаруу ж-а укукту пайдалануу ишинин негизги юрид. базасы болуп саналат. Бардык укуктук актылар, мамл. органдардын иш жүзүндөгү ишмердиги К-га шайкеш болууга тийиш. К-га шайкеш келбеген актылар аракеттенбей турган ж-а укук бузуучу (органдардын аракети) деп каралат. К. убактылуу ж-а туруктуу деп да бөлүнөт. Убактылуу К. өткөөл мезгилде иштелип чыгып, бийликти уюштуруу ж-дөгү негизги жоболорду чагылдырат, кээде туруктуу К. м-н алмашылат (ТАР, Польша, Альбания). Туруктуу К. кыска мөөнөткө иштеп калышы мүмкүн (Венесуэла).

Ад.: *Хабриева Т. Я., Чиркин В. Е.* Теория современной конституции. М., 2007. *К. Байбосунов.*

КОНСТРУ́КЦИЯ (лат. constructio – түзүү, куруу) – түзүлүш, бөлүкчөлөрдүн өз ара жайгашуусу, кандайдыр бир курулуштун, механизмдин курамы; белгилүү түзүлүштөгү курулуш, механизм ж. б. (мис., көпүрөнүн К-сы, темир-бетондуу К.). Т е х н и к а д а – машина бөлүктөрүнүн өз ара жайгашышы, бириктирүү жолдору, таасир кылуучулары ж-а айрым бөлүктөрдүн кайсы материалдан жасалышы алдын ала каралат. К у р у л у ш т а жаңы К-ны долбоорлоодо бекемдөө ж-а өлчөмдөн ашып ийилип кетпөөсү үчүн ар кандай ыкма колдонулат. Мында туруктуу же убактылуу бекемдөөчү тирөөчтөрдү пайдалануу, негизги ж-а жардамчы устундарды коюу, устундардын туура кесилиш аянтын чоңойтуу, темир К-га айландыруу, кошумча негизги устундарды кошуу ыкмалары да колдонулат. Темир К-нын начар жерлери ага темир кабаттарды же башка элементтерди ширетүү м-н бекемделет. Талап кылынган учурда долбоор б-ча кошумча арматура орнотулуп, бетондон түркүк коюлат.

КОНСТРУ́КЦИЯ т и л и л и м и н д е – сөздөрдүн өз ара айкалышкан бирдиктери. К-нын ички мазмуну сүйлөмдүн граммат. касиеттеринен ж-а синтаксистик байланыштарынан байкалат. Грамматикада төмөнкү түшүнүктөр бар: 1) баяндоочтук К. – ар түрдүү баяндооч м-н айкалышып, сүйлөмдүн бир бөлүгүн түзгөн синтаксистик К.; 2) тактоочтук К.; 3) чакчыл К.; 4) атоочтук К. К-нын өзгөчөлүктөрү ж-а алардын саны конкреттүү тилдин граммат. структурасына байланыштуу болот. Айрым К-лар бир нече тилге мүнөздүү болушу мүмкүн. Мис. жогоруда саналган К-лар көбүнчө түрк, слав. тил топторуна мүнөздүү. Т е а т р д а г ы К. 1) жасалгалардын көлөмдүү бөлүктөрүн с[illegible]туучу каркас; 2) түз, дөң жерлерди жасал[illegible]ю ж-а аларды өзгөртүп туруу үчүн даярдалга[illegible]алда олтургандарга көрүнбөс үчүн үстү жаб[illegible]ган ар кандай формадагы түзүлүштөр; 3) жа[illegible]лганы жылдыруучу механизм.

КОНСТРУКЦИЯЛЫК ГЕОГРА́ФИЯ, к. *География.*

КОНСТРУКЦИЯЛЫК МАТЕРИАЛДАР – констрлардын (машиналардын, курулуштун ж. б. тех. объектилердин) күч келүүчү тетиктери даярдала турган материалдар. Ал материалдын сапатынын критерийине сырткы күчкө каршылык көрсөтүүсү – бекемдиги, илээшкектиги, чыдамдуулугу, катуулугу ж. б. кирет. К. м. жалпы түрүнө жараша металл, металл эмес ж-а композициялык; тех. иштелишине карата деформациялануучу, куюлма, желимделме, ширетилме; иштетилүү шартына карата төмөнкү темп-рада иштетилүүчү, ысыкка туруктуу, дат басууга, жешилүүгө, майга чыдамдуу ж. б. материалдарга бөлүнөт. К. м-дын көбү болоттон жасалат.

Ад.: Конструкционные материалы. Т. 1–3, М., 1963–65; *Болтон У.* Конструкционные материалы: металлы, сплавы, полимеры, керамика, композиты. 2-е изд. М., 2007.

КО́НСУЛ – 1) Байыркы Римдеги шайланма жогорку кызмат адамы. Адегенде К-га патрицийлерден 2 киши 1 жылдык мөөнөткө шайланган. Күрөштүн натыйжасында кийин плебейлер да К. болуп шайлануу укугуна жетишкен. Жарандык ж-а аскердик бийлик К-дун колунда болгон. Ар бир К. 2 млн аскерге ээ болуп, сенат м-н элдик жыйын чакырып, аларга башчылык кылган. Империя доорунда К. реалдуу бийликтен ажырап, ардактуу наам болуп калган; 2) башка мамлекетте өз мамлекетинин ж-а анын жарандарынын укуктук, экон. таламдарын коргоо ж. б. милдеттерди аткаруучу туруктуу өкүл катары дайындалган кызмат адамы. К-дук топторго ылайык К-дук мекеменин башчылары: г е н е р а л д ы к К., в и ц е К. ж-а К. а г е н т болуп бөлүнөт. К-ду дайындаган мамлекет анын керт башын күбөлөндүрүүчү консулдук патент м-н камсыз кылат.

КОНСУЛЬТА́ЦИЯ (лат. conculto – маектешүү, талкуулоо, кам көрүү) – 1) кандайдыр бир маселе б-ча адистин кеңеши; 2) билим берүүдөгү, квалификацияны өркүндөтүүдөгү окуу сабагынын бир түрү. Бул учурда К. окутуучу м-н окуучунун аңгемелешүүсү түрүндө жүргүзүлөт. К. окуу материалдарын семинар, реферат, коллоквиум, экзамен, курстук ж-а дипломдук ишке, о. эле өндүрүш практикасына даярдоодо өткөрүлөт; 3) адистердин кеңеши аркылуу жардам көрсөтүүчү мекеме.

КОНТ Огюст (19. 1. 1798, Монпелье – 5. 9. 1857, Париж) – француз социалдык ойчулу. Коом тууралуу жаңы позитивдик социалдык илимдин – социологияны (ушул аталышты берген) негиздөөчүлөрүнүн бири. Математика ж-а табигый илимдер б-ча билими бар К. социология да спекуляция м-н жалганды четке каккан табигый илимдердин т[illegible] (позитивдүү) ыкмаларын колдонгон так и[illegible] болушун каалаган. Негизги эмгектери: «П[illegible]тивдүү философиянын курсу», «Позитивдүү с[illegible]аттын системасы». К. окумуштуу катары к[illegible]ду моралдык кайра курууну, гармониялык [illegible]типти (Улуу Француз рев-ясы бузган) кайр[illegible]алыбына келтирүүнү максат кылган, аны[illegible]кири б-ча ил. социология диндин эквивал[illegible]и болот, аны кабылдоо үчүн акылды даярдоо керек. К. өзү ачкан акылдын өнүгүшүнүн «3 стадиясынын Улуу Мыйзамы» же адамзаттын интеллектуалдык эволюциясынын мыйзамынын негизинде коомду өзгөртүүнү сунуштаган. К-тун ою б-ча адамзат тарыхынын жогорку стадиясы позитивдик ил. стадия болуп эсептелет. К. социологияда эки бөлүктү көрсөткөн: 1) социалдык статика социалдык байланыштардын табиятын аныктап, ал коомдун глобалдык структурасы (түзүлүшү, курамдык бөлүктөрү, алардын ортосундагы байланыштардын принциптери) болуп саналат; социалдык динамика – бул 3 стадиялуу мыйзамдын соц. трактовкасы болуп эсептелет да, прогресстин жалпы багытынын идеясын (адамзаттын интеллектуалдык күчтөрүнүн алга өнүгүшүнүн) камтыйт. К. коомду орг. бүтүндүк катары караганы м-н социологиянын тарыхында татыктуу орун ээлеп калды.

Ад.: *Яковенко В. И.* О. Конт. Его жизнь и философская деятельность. СПб., 1894. СПб., 1998; *Милль Дж. Ст.* О. Конт и позитивизм. М., 2007.

КОНТЕ́КСТ (лат. contextus – биригүү, байланыш) – карамагындагы айрым сөздөрдүн, сөз тизмектеринин маанисин туура түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берген жазма ж-а оозеки речтин (текстин) белгилүү бир үзүндүсү.

КОНТЕ́КСТ – көркөм чыгарманын мааниси жагынан байланышта, биримдикте турган, үзүп алууга мүмкүн болбогон бөлүгү. Адабий чыгарманы талдоодо К-ке чоң маани берилет. К. өзүнчө бир фразада, строфада, абзацта гана бир ойдун бүтүндүгүн түзбөстөн, көркөм тексттин бүткөн туруш-турпатын жаратат. Ошондуктан белгилүү бир сөздү же фразаны өзүнчө бөлүп албай К-те гана түшүнүп, талдоого болот. Автордун пикири, каармандардын сөздөрү К-ке байланыштырылып текшерилбесе, автордун сөзү м-н каармандын сөзү чаташып кетиши мүмкүн. Текстен *цитата* алган учурда да сөздөрдү, фразаларды бөлүп албастан, анын маанилүү бөлүгүнүн баарын алуу керек.

КОНТЕКСТТИК ОКУТУУ – окуу жайлардагы окутуунун бир түрү. К. о. кесиптин чыныгы моделдерине жакындаштыруу максатында теор. ж-а практикалык жактан даярдоонун формасы да болуп эсептелет. Мындай иш көбүнесе «иштиктүү оюн» ыкмасында жүргүзүлөт да, окуучулар келечектеги адистик милдеттерин оюн формасында уюштурулган кандайдыр бир өндүрүштүк маселени чечүүгө катышуу аркылуу өздөштүрүшөт.

КОНТИНЕ́НТ (лат. continens – материк), м а т е р и к – жер кыртышынын туш тарабынан океан, деңиз суулары м-н чулганган ири бөлүгү. Кыртышынын орт. калыңдыгы – 35–45 *км*. Ага гранит-метаморфизмделген тоо тек катмарлуу жер кыртышынын континенттик түзүлүшү мүнөздүү. Азыркы геол. доордо 6 К. бар: Евразия (аянты 53,4 млн *км*²), Африка (30,3 млн *км*²), Түн. Америка (24,2 млн *км*²), Түш. Америка (18,2 млн *км*²), Антарктида (14,0 млн *км*²), Австралия (7,7 млн *км*²).

КОНТИНЕНТТИК ЖЕР КЫРТЫШЫ, к. *Жер.*

КОНТИНЕНТТИК КЛИ́МАТ – материктин ички (океан, деңиздерден алыс) бөлүктөрүндө кургактыктын атм-га тийгизген таасиринен пайда болгон климат. К. к. Евразиянын борб. бөлүгүнө ж-а Түн. Америкага мүнөздүү. Мелүүн алкактарда абанын темп-расы жыл (жайы ысык, кышы суук) ж-а сутка ичинде кескин өзгөрүп турат. Деңиз климатынан жаан-чачындын аз жаашы, булуттуулуктун аздыгы, шамалы басаң болгондугу, абанын жылдык орт. темп-расынын төмөндүгү, аба ырайынын бат-бат өзгөрүп турушу ж-а атм-нын чаңдуулугу м-н айырмаланат. Климаттын континенттүүлүгү материктин ичин карай күчөйт. Кырг-н аймагына да К. к. мүнөздүү. Анда абанын жылдык орт. темп-расы өрөөндөрдө 5–6°Сден 10–13°Сге чейин, бийик тоолуу зонада –7... –8°С. Абс. мин. –53,6°Сди (Ак-Сай өрөөнүндө), абс. макс. 44°Сди (Чүй өрөөнүнүн түндүгү) түзөт.

КОНТИНЕНТТИК ЧӨКМӨЛӨР – кургактыкта (материктерде) пайда болуучу чөкмө тектер. Мурда орун алган тектер физ.-хим. ж-а мех. процесстерден талкаланат, кесек бөлүктөргө бөлүнөт, үбөлөнөт, упураланат, эзилет, эрийт. Андан кийин сордук күчүнүн таасири астында каптал ылдый кулайт, суу агызат, муз шилейт, шамал учурат. Акырында ойдуңдарга топтолуп, катмарланат. Чөкмө пайда болушуна климаттык шарт, жер бетинин рельефи, физ.-хим. процесстер себеп болот. Түзүлүштөрү деңиз чөкмөлөрүнөн айырмаланып, туруктуу эмес. Хим., литол. курамы ар түрдүү. Орг. калдык сейрек кездешет. Кээде такыр эле болбойт. Негизинен кум, шагыл, конгломерат, чопо, өтө сейрек органогендүү ж-а хемогендүү тектер жолугат. Тектердин орун алышына, топтолушуна, жыйылышына, чөгүшүнө, курамына жараша бир нече ген. типке бөлүнөт. Типтер белгилери б-ча: парагенезистик, жер бетиндеги же субарэалдык (элю-

вий, делювий, эолдук чөкмөлөр), суу алдындагы же субаквалдык (аллювий, пролювий, көл чөкмөлөрү), муз астындагы же субгляциялык (морена ж. б.) топторго биригет. Мындан тышкары кызыл түстүү, гипстүү, бокситтүү, моласалуу ж-а түстүү түрү кездешет.

КОНТИ́НУУМ (лат. continuum – үзгүлтүксүз) – математикада түзүлүштүн же объектинин үзгүлтүксүздүк касиетке ээ болуусун ж-а анын кубаттуулугун белгилөө үчүн колдонулуучу термин. Математикада чыныгы сандар системасы же сандык К. жакшы изилденген. Чыныгы сандар системасынын үзгүлтүксүздүк касиеттери ар түрдүү аксиомалардын жардамы м-н мүнөздөлүшү мүмкүн. Эгерде негизги түшүнүк катары барабарсыздык колдонулса, анда ар кандай a ж-а b ($a<b$) чыныгы сандары үчүн сан К-унун үзгүлтүксүздүгүн төмөнкүдөй мүнөздөөгө болот: а) ар кандай эки $a<b$ болгон сандар үчүн алардын арасында жаткан жок дегенде бир сан c табылып, $a<c<b$ барабарсыздыгы орун алат; б) эгерде чыныгы сандын баарын эки A ж-а B класска: A классынын ар кандай саны a, B-нын ар кандай саны bдан кичине болгудай кылып бөлсө, анда A классында эң чоң сан же B классында эң кичине сан бар (экинчиси Дедекинд үзгүлтүксүздүгү ж-дөгү аксиома). Натуралдык сандардын бардык камтылган көптүктөрүнүн кубаттуулугу (элементтеринин санын көрсөтөт) болгон кардиналдык сан 2A° К. кубаттуулугу деп аталат. Төмөнкү көптүктөр: 1) бардык чыныгы сандар көптүгү; 2) (0. 1) интервалындагы чекиттер көптүгү; 3) (a, b) интервалындагы бардык иррационалдык сандар көптүгү К. кубаттуулукка ээ.

КОНТР.., КОНТРА... (лат. contra – каршы) – таатаал сөздөрдүн түзөйү, экинчи түзөйү деген мааниге карама-каршы маанини туюндуруучу бөлүгү (мис., контрабанда, контрреволюция, контратака). М у з ы к а д а К. «бир октава төмөн» дегенди билдирет (мис., контральто, контрабас).

КОНТРАБА́НДА – чек арадан пошлина төлөнүүчү ж-а тыюу салынган товарларды жашырын алып өтүү. Мындай товарлардын тизмеси ар бир мамлекетте мыйзам м-н бекитилет. КРдин бажы чек арасы аркылуу товар же башка нерселерди ири өлчөмдө мыйзамсыз алып өтүү. К. бир катар ыкмалар м-н жасалышы мүмкүн: 1) бажы көзөмөлүнөн буйтоо же жашыруу; 2) жалган документ же бажы идентификация каражаттарын пайдалануу; 3) декларацияга киргизбей же жалган декларация жасоо аркылуу. Ошондуктан ал финансы системасына түздөн-түз зыян алып келүүчү кылмыш катары каралат. К. материалдык кылмыш болгондуктан, андан келип чыккан зыяндын өлчөмү сатылган товарлардын наркы м-н эсептелинип такталат. Кылмыш жасалган учурда алынып өтүлгөн товарлардын наркы мыйзамда белгиленген эсептик көрсөткүчтөн ашса, анда ал ири өлчөмдө жасалган деп табылат, ал эми анын наркы белгиленген өлчөмгө жетпесе, жоопкерчилик Бажы кодекси м-н коңго салынат. Бажы чек арасы аркылуу бан- каражаттарын, психотроптук, таасири күчтүү улуу, ууландыруучу, радиоактивдүү же жар гыч заттарды, курал-жарак, жарылуучу түзүштөрдү, ядролук, хим., биол. ж-а массалык кыргынга учуратуучу курал-жарактарды жасоого пайдалануучу мүмкүн болгон материал, технология, ил.-тех. жабдуу, маалыматтарды алып өтүү оордотуучу жагдайларга кирет. К-нын бир нече жолу жасалышы; кызмат адамы тарабынан кызматтык абалын пайдалануу м-н ишке ашырылышы; бажы кызматчысына зомбулук көрсөтүлүшү; кылмыштуу уюмдашкан топ тарабынан жасалышы ж. б. К-ны ото оордотуучу жагдайлар болуп саналат. 16 жашка толгон, акыл-эси соо адам К. кылмышынын субъектиси деп табылат.

К. А. Бодобаев.

КОНТРАБА́С (италянча contrabbasso) – жаалуу тартма кылдуу муз. аспап; скрипка түркүмүндөгү аспаптардын эң чоңу ж-а добушу б-ча эң пасы. Уз. 2 *м* чамалуу. 4 кылдуу, 3 ж-а 5 кылдуусу да жолугат. Адатта К-ты туруп ойнойт. Көбүнчө ансамблде, оркестрде, кээде жеке да ойнолот. Белгилүү кыргыз контрабасчылары: К. Төлөгөнов, М. Арсиев ж. б.



Ж. Боттезинининин контрабасы.

Ад.: История контробасового искусства. М., 2004.

КОНТР-АДМИРА́Л – 1) көпчүлүк мамлекеттердин АДФиндеги биринчи же кенже адмиралдык чин; кургактагы аскерлердин генерал-майор наамына тең. Россияда К.-а. чини 1699-жылдан колдонулуп, 18-к-да анын ордуна бир азга шаутбенахта ж-а арир-адмирал чиндери кийирилген. Ранг ж-дөгү табель б-ча биротоло 1722-ж. 24-январда кабыл алынган (к. *Аскердик наамдар*). К.-а. наамы СССР АДФке СССР Жогорку Советинин Президиуму тарабынан

1940-ж. 7-майда киргизилген; 2) ушул чинге ээ адам.

КОНТРА́КТ (англ. contractus – сөзмө сөз чоюу, тартуу – дегенден; келишим, бүтүм, рим укугунда келишимдин бир түрү) – эки же андан көп катышуучулардын ортосунда *товарларды* жеткирүү, сатып алуу, белгилүү бир ишти аткаруу, конкреттүү объектини куруу ж. б. б-ча өз ара *милдеттенмелери*, жоопкерчиликтери, ишчаралары көрсөтүлгөн юрид. макулдашуу, к. *Келишим*.

КОНТРАКТАЦИЯ (лат. contractus – келишим, макулдашуу) – продукцияны өндүргөн ишканалар м-н аны кайра иштетип саткандар ортосундагы түзүлгөн *контрактты* түрү; кайсы бир тармактагы түзүлгөн контракттар системасы. «К.» термини көбүнчө айыл чарба продукциясын сатып алуу б-ча түзүлгөн келишимдерде колдонулат.

КОНТРАКТУ́РА (лат. contractura – тартылуу) – муун кыймылынын убактылуу же туруктуу чектелиши. К-нын бүтүлгөн (муун сунулбай калган) ж-а сунулган (бүтүлбөй калган), тубаса же кийин пайда болгон түрү бар. Тубаса К. булчун, муун, теринин өөрчүп жетилбей калышынан болот, мис., кыйшык моюн, жалпак таман, артрогрипоз ж. б. өсүү кемтиктерине байланыштуу К. туруктуу болот. Кийин пайда болгон К. күйүктөн, муун байламталары кокустаганда же сезгенгенде, булчундун түрдүү патол. процесстеринде, тарамыштын жабыркашынан, о. эле борб. ж-а четки нерв системаларынын ооруларында болот (мис., инсульт). Муунду узакка гипстеп, кыймылсыз таңууда же төшөктө көпкө кыймылсыз жаткан оорулууда пайда болушу ыктымал. К-ны өз убагында дарылабаса, муун толук кыймылдабай калышы мүмкүн. Тизенин сунулган К-сында адамдын басышы бузулат, чыканактын сунулган К-сында кийимин топчулай албай, кашыкты оозуна жеткире албайт. Бүтүлгөн тизе К-сында оорулуу бутуна таянып баса албай калат, ал эми чыканактын бүтүлгөн К-сында көп жумуш аткарылат. Туруктуу К-ны дарылоону адис-ортопед жүргүзүп, аппарат м-н тартуу, гипстеп тануу, гимнастика, укалоо, физиотерапия, керек болсо хирург. операция жасалат.

КОНТРАПО́СТ (фр. contraposte, италянча contrapossto – сөзмө-сөз, карама-каршылык, карама-каршы коюу) – көркөм сүрөт иск-восунда симметриялуу же бири-бирине каршы турган адам денесинин болүктөрүнүн контрасттык жайгашуу ыкмасы (колу, буту, денесинин жогорку ж-а төмөнкү болүктөрү). Мис., байыркы доордогу Грекияда кенири тараган адам фигурасынын бир бутуна таянып, булчуң эттеринин эч чыналуусуз эркин турган абалы К. аталган. 16-к-да италян Ренессанс доорунда кайра жандандырылган (Микеланжело ж. б. сүрөтчүлөр).



Контрапост. «Дорифор» («Найзакер»). Римдик көчүрмө. Аргостук Поликлеттин ишинин түп нускасынан (б. з. ч. 450–440-чен). Мрамор. Улуттук археологиялык музей. Неаполь.

К. ыкмасы фигурага чымыркангандыкты, татаал кыймылды берет ж-а анын үч өлчөмдүү экенин баса көрсөтөт.

КОНТРАПУ́НКТ (лат. punctus contra punctum – сөзмө сөз чекитке каршы чекит дегенден) – 1) полифониянын эле өзү – карама-каршы обондордун айкалышуусу м-н мүнөздөлгөн көп үндүүлүктүн белгилүү бир түрү, о. эле көп үндүүлүктүн ушул түрүнө арналган ил. ж-а окуу предмети; 2) обондордун полифониялык, контрапункттук кошулуусу. Эки же бир нече обондун К-у – доордун эстетикалык нормаларына төп келишкен иреттүү бүтүндүк (бирдиктүүлүк м-н контрасттуулуктун бир эле убакта айкалышы); 3) негизги обонду коштогон обон.

КОНТРАТА́КА (фр. contre-attaque, contre – каршы ж-а attaque – кол салуу) – аскерлердин коргонуу чегине кирип келген душмандын аскерин талкалоо ж-а убактылуу алдырып койгон тактикалык абалды калыбына келтирүү максатында душманга каршы чабуулу. К. коргонууда турган аскерлердин активдүүлүгүн мүнөздөйт. Согуш майданындагы К. коргонууда турган аскер болүктөрүнүн күчү м-н жүргүзүлөт. Айрым учурда ага авиация, танк, замбирек ж-а миномёттор жардам берет. Душман коргонуу чебин куруруга ж-а резервдерин алып келүүгө үлгүрө электе аскерлердин душманга чечкиндүү ж-а капысынан урган соккусу К-нын жеңишин камсыз кылат.

КОНТРАЦЕ́ПЦИЯ [лат. contra – каршы ж-а (con) ceptio – кармоо, түйүлүү дегенден], к. *Бойго бүтүрбөө*.

КОНТРДАЯРДЫК – коргонууда турган оперативдүү бирикменин душмандын алгачкы чабуулунун мизин кайтарып, үзгүлтүккө учуратуу же күчүн кетирүү үчүн колдонулуучу ыкмаларынын бири. К. ракеталык аскерлердин, авиациянын, артиллериялык ж. б. атма куралдар м-н душмандын башкы топторуна күтүүсүз чечкиндүү сокку уруу үчүн жүргүзүлөт. Ядролук кол салуу

куралдары, артиллерия, миномёттор, аэродромдогу самолёттор, жүрүшкө чыгууга же чабуул коюуга даярдалган танктар ж-а мотопехота, башкаруу пункттары, байланыш түйүндөрү, окдары ж-а күйүүчү май кампалары, о. эле душмандын чабуул коюучу күчтөрүнүн согушка жөндөмдүүлүгүн начарлатуучу ж. б. нерселер – К-тын негизги объектилери.

КОНТРИБУ́ЦИЯ (лат. contributio) – 1) жеңилген мамлекетке жеңген мамлекеттин пайдасы үчүн салынуучу төлөмдөр; 2) басып алынган аймактын калкынан баскынчылар мажбурлап чогултуп алган акчалай жыйымдар. К-нын бул 2 түрү талоончулуктан пайда болгон, анын алгачкы формасы согуш олжосун эзлеп алуу эле, бул кул эзлөөчүлүк ж-а феод. мезгилдеги согуштарга таандык. 18-к-дын аягынан К. тынчтык келишимдин шарты болуп калды. Айрым учурда согуш чыгымына элдин согуш зыяны, согуш реквизициясы да кошулуп эсептелген. 2-дүйнөлүк согуш тажрыйбасын эсепке алып, 1949-ж. Женева конф-ясы К-га тыюу салган.

КОНТРМАДАНИЯТ – маданиятын өзгөчө түрү. Культурологиянын көз карашынан алганда К. салттык мад-ттын чегиндеги агым, ал салттык мад-ттын айрым дөөлөттөрүнө каршы турат. К. эреже катары, доминант мад-тынан айырмаланып, өзүн ага каршы коёт, үстөмдүк кылган мад-ттын дөөлөттөрүнө, нормаларына ж-а моралдык негиздерине шек келтирет. К. 1960-жылдары «жаштар революциясында», хиппи кыймылында ачык байкалган. СССРде К-ка андерграунд, рок-мад-ты, азыркы батыш дүйнөсүндө хардкор панк кыймылы мисал боло алат.

Ад.: Контркультура и социальные трансформации. М., 1990.

КОНТРО́ЛЛЕР (англ. controller, сөзмө-сөз – башкаргыч) 1) техникалык объектини берилген алгоритм б-ча автоматтык башкарууга арналган электрондук түзүлүш. Өндүрүштө, транспортто, энергетикада, турмуш-тиричиликте колдонулат; 2) электр-техникада – электр кыймыл бергичтердин күч кабелдерин коммутациялоого арналган төмөнкү чыңалуудагы көп позициялуу электр аппараты. Локомотивдердин метрополитен вагондорунда, ж. б-да орнотулат; 3) диск К-у – компьютерге бир же бир нече диск киргизгичти орнотуучу ж-а аларды башкаруучу түзүлүш.

КОНТРРЕВОЛЮ́ЦИЯ – рев-яга тикеден-тике каршы турган процесс; кулаган (же кулай турган) таптын социалдык рев-яга каршы жасаган аракети. К. күнү бүткөн коомдук ж-а мамл. түзүлүштү сактоого же кайра орнотууга багытталат. Айрым учурда рев-я К-дан жеңилип да калат (мис., Германиядагы 1848–49-жылдардагы рев-я, 1871-жылкы Париж Коммунасы ж. б.). Эгер айыгышкан күрөштүн натыйжасында реакциячыл күчтөр талкаланса, рев-я толук жеңишке жетишет (Улуу Октябрь соц. рев-ясы, Куба рев-ясы ж. б.). К. – ко[illegible]дук ж-а мамл. түзүлүштү жаңыртуу же сак[illegible] калуу ж-а согуш аракеттери м-н рев-ян[illegible] жүрүшүн, жыйынтыктарын артка буруу ж[illegible]ок кылууга багытталган күрөш. Көптөгөн [illegible]-ялык теориялар б-ча К-нын же реакциян[illegible] күчтөрү кайсы чет өлкөлүк мамлекеттин т[illegible]иринде болсо, анын жардамы м-н кайра б[illegible]ликке келиши мүмкүн. К-нын куралдуу карш[illegible]ык, жарандык согуш, кутум ж. б. формалары болот.

КОНТУ́ЗИЯ (лат. contusio – урунуу) – катуу урунуудан, күчтүү жарылуудагы абанын согуу толкунунун таасиринен организмдин жалпы жабыркашы. О. эле катуу жыгылганда, оор нерсе басып калганда, суу астындагы жарылууда суу толкуну урганда да К. болушу мүмкүн. Жабыркаган киши акыл-эсин жоготот. Жеңил эстен тануу кыска мөөнөт (бир нече мүнөт) болуп, дем алуу ж-а жүрөк-кан тамыр системасынын функциялары бузулбайт. Оор түрүндө бир нече сааттан суткага чейин өзүн жоготуп, жүрөк иши, дем алуу бузулуп, кээде *кома* болушу мүмкүн. Эсине келгенде башы дайыма айланып, ооруйт, көөнү айнып кусат, жакшы укпай, сүйлөй албай, кээде дүлөй-дудук болуп калышы мүмкүн. Катуу К-дан кийин көп убакытка чейин киши чарчап, өзүн жаман сезет. Мээнин К-сы өтө оор өтүп, акыл-эсин жоготуп, дем алуу, кан айлануу бузулат. Кыймылы, сезүүсү, сүйлөө, угуу, көрүү ж. б. начарлайт. Мээнин К-сы кан куюлуу, мээнин ак шишиги м-н коштолушу мүмкүн. Кийинчерээк мээнин К-сы эпилепсияга (талма) алып келиши ыктымал. Жабыркагандарга тынчтык ж-а жардам көрсөтүү, ооруканада дарылоо талап кылынат.

КО́НТУР (фр. contour – сызык) – 1) нерсенин караанын, форманы сүрөттөөчү сызык *абрис*; 2) сүрөт өнөрүндө нерсенин көрүнүшүн айырмалоочу сызыктардын жыйындысы. К. түшүрүлгөн сүрөт өзгөчө тактыкка, графикалуулукка, ыргакка ээ болот.

КОНУРБА́ЦИЯ (лат. con – чогуу, бирге ж-а urbs – шаар; шаарлардын чогундусу) – 1) бири-бирине жакын жайгашкан ж-а өз ара экон. тыгыз байланышы бар шаарлар тобу. Анын ортосу болуп ири шаар эсептелет. Мис., Чоң Москва, Чоң Лондон, Чоң Париж К-лары, Токионун Йокохама К-сы ж. б.; 2) шаар агломерациясынын синоними.

КО́НУС (лат. conus, гр. kфnos) – 1) э л е м е н т а р д ы к г е о м е т р и я д а, тик бурчтуу үч бурчтукту бир катети боюнча айландыруудан алынган геом. нерсе. К. же конустук беттин кандайдыр бир сызыктын бардык чекиттерин түзүүчү мейкиндиктин берилген чекиттери (чокусу) м-н туташтыруучу түз сызыктардын (багыттоочусу) геом. орду. 2) Эгерде багыттоочу – түз сызык болсо, анда К. тегиздикке, ал эми багыттоочу сызык чокусу м-н бир тегиздикке жатпаган 2-тартиптеги ийри сызык болсо анда 2-тартиптеги К-ка айланат.

Катет К-тун огу деп аталганда К-тун негизи тегерек болот. Ал эми экинчи катети К-тун негизинин радиусу (r, R), гипотенузасы К-тун түзүүчүсү (l) болуп эсептелет. К-тун бетин сызган AB жагы – К-тун түзүүчүсү, A чекити анын чокусу. К-тун чокусунан анын негизине чейинки h аралык бийиктиги. К-тун көлөмү $\pi r^2 h/3$, каптал бети πrl болот (к. 1-чийме). Эгерде К-ту биринчи тегиздикке жарыш (параллель) экинчи тегиздик м-н кессек, кесилген К. пайда болот (к. 2-чийме), анын көлөмү $\pi(R^2+r^2+Rr)h/3$, каптал бети $\pi(R+r)l$ барабар.



1-чийме 2-чийме

КОНУСТУК БЕТ – *конустун* чокусу аркылуу өтүүчү ж-а берилген ийри сызыкты (багыттоочу) кесүүчү түз сызыктардын (түзүүчү) көптүгү. Эгер багыттоочусу айлана болуп, ал эми К. б-тин чокусу айлананын тегиздигинин борбору аркылуу өтүүчү перпендикулярда жатса, анда К. б. тегерек конус деп аталат; ал чокусунда биригүүчү эки тегиздиктен турат. К. б. – 2-тартиптеги беттердин бир түрү. 2-тартиптеги чыныгы К. б-тин канондук теңдемеси: $\frac{x^2}{a^2}+\frac{y^2}{b^2}-\frac{z^2}{c^2}=0$ түрүндө жазылат. Эгерде $a=b$ болсо, анда т е г е р е к а й л а н у у ч у К. б. деп аталат. 2-тартиптеги жалган (мнимый) К. б-тин канондук теңдемеси: $\frac{x^2}{a^2}+\frac{y^2}{b^2}+\frac{z^2}{c^2}=0$.

КОНУШ – эл көчүп келип, коно турган жер. Көчмөнчүлүк турмушта пайда болгон. Үй ээси, айыл билермандары көч келгенге чейин төрт түлүк малга жайыттуу, боз үй тигүүгө оңтойлуу, коңшу айыл м-н катташууга ыңгайлуу, мал түнөтүүгө жайлуу, отун-суусу жакын түзөнчө жер издешип, К. чалышкан. Андан соң ылайыктуу орунга көчтү түшүрүшкөн. К. алгандарга келген мейман «Конушуңар жайлуу болсун» деп кайрылган. Эл көчүп кеткенден кийин ээн калган К. журт деп аталган.

КОНФЕДЕРА́ЦИЯ (лат. confederatio – союз, бирикме) – 1) бир нече мамлекеттин белгилүү бир максатка жетишүү үчүн түзгөн союзу. Союзга мүчө болгон мамлекеттердин өкүлдөрүнөн борб. орган түзүлөт. Бул органдын бир добуштан кабыл алган чечими тийиштүү мамлекеттин бийлик органдарынын макулдугу м-н жүзөгө ашырылат. К-нын акча каражаты ага кирген мамлекеттердин мүчөлүк акыларынан түзүлөт. Тарыхта Рейн К-сы (1254–1350), Ганзей лигасы (1367–1669), Швейцар К-сы (1291–1798 ж-а 1815–48), Герман К-сы (1815–66), Америка К. штаттары (1861–65) ж. б. болгон. Кээ бир теоретиктер К-ны кеңейтилген Европ. союз (ЕС) м-н салыштырышат; 2) кандайдыр бир коомдун же уюмдардын бирикмеси (мис., Франциядагы Жалпыга бирдей эмгек К-сы, Япониядагы эмгек К-сы ж. б.; 3) Польшада 16–18-к-да шляхталардын убактылуу союзу.

КОНФЕРАНСЬЕ́ (фр. conférencier – докладчы) – концерт номерлерин жарыялап туруучу ж-а алардын аралыгында өнөр көрсөтүүчү эстрада артисти. Адатта анын сахнадагы жүрүш-турушу комедиялык мүнөздө болот. К. алгач 19-к-дын 60-жылдарында Францияда, 20-к-дын 10-жылдары Россияда пайда болгон. Кырг-нда алып баруучу деген ат м-н тараган. Белгилүү алып баруучулар Г. Молдоева, Б. Мамытов, К. Жумалиев ж. б.

КОНФЕРЕ́НЦИЯ (лат. conferenfia, confero – бир жерге чогултам) – окумуштуулардын, ар кандай уюмдардын, топтордун, мамл. өкүлдөрдүн белгилүү бир маселелерди талкуулоого арналган кеңешмелери, чогулуштары.

КОНФИГУРА́ЦИЯ (лат. cōnfigurātio – формага келтирүү, жайгаштыруу) – сөлөкөт; буюмдардын өз ара жайгашышы. Инциденттүүлүктө (таандык болууда) бири-бири м-н байланышкан чекит, түз сызык, тегиздиктердин чектүү көптүгү. К. тегиздик ж-а мейкиндик К-сына бөлүнөт. Т е г и з д и к К-сы – ар кандай чекит бирдей сандагы g түз сызыктарына инциденттүү, тескерисинче, ар кандай түз сызык бирдей сандагы π чекиттерине инциденттүү болгон тегиздиктеги p чекиттери м-н g түз сызыктарынын чектүү системасы. Эгер берилген К-да чекиттердин минималдуу системасынан түгөйлөш түз сызыктарды ж-а түгөйлөш түз сызыктардын кесилишин инциденттөө жолу м-н бардык К-ны алууга мүмкүн болсо, анда мындай система берилген К-ны түзүүчү система деп аталат. Мындай учурда p, g, γ, π сандары $p\gamma = g\pi$ катышы м-н байланышат ж-а К. (p_γ, g_π) символу м-н белгиленет. Бирдей сандагы чекит м-н түз сызыктуу К. (pg) туюнтулат. К-нын а в т о м о р ф и з м и бир да инциденттүүлүктү жоготпогон же кошумчалабаган ж-а чекит чекитке, түз сызык түз сызыкка өтүп, дал келген К. өзүнө өзү чагылып дал келүүсү деп аталат. М е й к и н д и к К-сы – ар бир чекити бирдей сандагы чекит м-н инциденттүү болгон чектүү сандагы чекит ж-а тегиздиктер системасы. Чекит м-н тегиздиктер түзүлгөн К. м-н катар мейкиндикте чекит ж-а түз сызыктардан турган К-лар да каралат. К. теориясы бир катар геом. маселени чечүүдө колдонулат.

КОНФИСКА́ЦИЯ (лат. cōnfiscātio – казынага алып коюлган мүлк) – кылмыш кылгандыгы же башка укук бузуулары үчүн соттун чечими б-ча менчик ээсинин мүлкүн мажбурлап ж-а бекер алып коюу. Мыйзамдарда каралган учурда К. адм. тартипте жүргүзүлөт. Бирок мындай чечим сотко даттанылышы мүмкүн.

КОНФЛИ́КТ (лат. cōnflictus – кагылышуу) – 1) карама-каршы көз караштардын кагылышы; чыр-чатакка алып келчү олуттуу келишпестик, кызуу талаш; 2) коомдогу ар кыл каршылыктардын көркөм чыгармада көрүнүшү; каармандардын ж-а кырдаалдардын, бир же бир нече мүнөздүн өз ара таймашы. К. сюжеттин өнүгүшүнүн башкы этаптарын аныктайт: окуянын башталышы, чиелениши, К-тин пайда болушу, К-тин курчушу (кульминация), чечилиши (мис., Т. Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романынын негизги К-ин совет бийлигин чыңдоо үчүн күрөшкөн Сапарбай, Самтыр, Бүбүш м-н Саадат, Калпакбаевдин ортосундагы күрөш түзөт). К. айрыкча драмалык чыгармаларда айкын көрүнөт (мис., М. Байжиевдин «Төрт адам» пьесасында ортодо калган Нази Азиздин таасиринен улам Искендер м-н нравалык жактан К-ке чыгат да, акырында андан кол үзүү чечимине келет). К. эпикалык чыгармаларга да мүнөздүү.

КОНФО́РМ ГЕОМЕТРИЯСЫ – геометриянын өзгөртүүлөргө (конформдук чагылдыруу, б. а. бир бетти экинчи бетке чагылтуу) салыштырмалуу инварианттуу фигуранын касиеттерин изилдөөчү бөлүмү. Багыттар ортосундагы бурч К. г-нын негизги *инварианты* болуп эсептелет. К. г.– чексиз алыстатылган (өздүк эмес) бир чекит м-н толукталган евклиддик мейкиндикте аныкталган, сфераны сферага которуучу чекиттик өзгөртүүлөрдүн фундаменталдуу тобу бар геометрия. Бул мейкиндик конформ мейкиндиги, ал эми фундаменталдуу топ конформ өзгөртүүлөр тобу деп аталат. Конформ мейкиндигинде тегиздик чексиз алыстатылган чекит аркылуу өтүүчү сфера болот. К. г-нын аныктамасы ар кандай сандагы мейкиндик үчүн жарактуу. Эки өлчөмдүү мейкиндикте сферанын ордуна тегерек (айлана) ж-дө сөз болот. Конформ өзгөртүүлөрүнүн жеке учурлары – кыймыл, окшоштук ж-а инверсия. К. г-га матем. анализ ыкмаларын (методдорун) пайдалануу конформ дифференциалдык геометриянын түзүлүшүнө алып келген.

Ад.: *Бушманова Г. В., Норден П.* Элементы конформной геометрии. Казань, 1972.

КОНФОРМИ́ЗМ (лат. conformis – окшош, ылайык) – шарт-жагдайга келишип кетмеликти, ыкташуучулукту, ыкка көнүүчүлүктү, үстөмдүк кылган пикирди, тартипти пассивдүү (сокур ишеним м-н) кабыл алууну билдирген термин. Көпчүлүктүн пикирин аң-сезимдүү кабыл алган, өз жүрүм-турумун башкалардыкы м-н салыштыра билген жамаатт[illegible] айырмаланып, К. жеке пикиринин жоктугу[illegible]көрсөтөт ж-а кысым көрсөтүп, үстөмдүк кыл[illegible] ар кандай үлгүнү принципсиз, сынсыз кабыл [illegible]ат.

КОНФУ́ЦИЙ (Кун-цзы же К[illegible] Фу-цзы – устат Кун) (б. з. ч. 551, Лу падыш[illegible]ыгы Цзоу (азыр Шаньдун провинциясы, Цюй[illegible]ш.) – 479, ошол эле жер] – байыркы кытайды[illegible]луу ойчулу, *конфуцийчиликти* негиздөөчү. [illegible]дин саясий ж-а этикалык көз караштары б. з. ч. 6-к-да жаралган, кийин анын шакирттери тарабынан түзүлгөн «Лунь юй» («Аңгемелер ж-а ой жүгүртүүлөр») китебинде баяндалган. 22 жашынан тартып



Конфуций шакирти Ци Лю менен саякатта (кытай гравюрасы, XVI к.).

окута баштап, Кытайдын эң атактуу окутуучусу катары данкталган. 50 жашынан саясий ишмердүүлүккө өтүп, Лу падышанын мамлекетинде жогорку мансаптуу төрөлөрдөн болуп калган. К-дин этикалык-саясий окуусунун борборундагы башкы маселе – мамлекетти башкаруу. Адамдардын коомдогу ж-а үй-бүлөдөгү өз ара мамилелеринин эң жогорку мыйзамы ж э н ь (гумандуулук) түшүнүгү. Буга улууларды урматтоо, ата-энени сыйлоо, падышага берилгендик, сылыктык ж. б. ыймандык (моралдык) нормалар кирген. К-дин ырастоосунда жэнге ак сөөктөр (цзюнь) гана жетишип, букаралар (сяо жэнь) жетише алышпайт. Анын окуусу б-ча падышалык Асмандын (кудайдын) ыйык буйругу м-н тартууланган бийлик, ошондуктан башкаруучу «Асмандын уулу» (тяньцзы) деп жарыялаган. К-дин идеясы – конфуцийчиликтин диний-этикалык окуусунун негизи болуп калды. Б. з. ч. 2-к-дан тартып 1911–13-ж-дагы Синхай рев-ясына чейин конфуцийчилик Кытайдын расмий мамл. идеологиясы болуп келген. Кырг-нда 2008-жылдан К. Карасаев атн. БГУда Конфуций атн. ин-т иштейт.

Ад.: *Сигэки Кандзука.* Конфуций. Первый учитель Поднебесной. М., 2003; *Малявин В. В.* Конфуций. М., 2007.

КОНФУЦИЙЧИЛИК – Байыркы Кытайда пайда болуп, анын рухий мад-тына, саясий турмушуна ж-а коомдук өнүгүүсүнө эки миң жылдан ашуун убакыт таасир тийгизген этикалык-саясий окуу. К-ти б. з. ч. 6-к-да *Конфуций* негиздеп, кийин анын шакирттери өнүктүргөн. Анын филос. окуусунда адамды сүйүү, моралдык дөөлөттөр, тарбия ж-а мамлекетти башкаруу чеберчилиги турат. К. архаикалык диний көз караштарды мифол. түшүнүктөрдөн арылтып, реалдуу турмушка жакындаткан. К-тин негизги моралдык (адеп-ахлактык ыймандык) принциптери төмөнкүдөй талаптардан турат: 1) өз ара жактыруучулук; 2) адамды сүйүү; 3) иш-аракеттерде токтоолук ж-а этияттык, сактык; 4) мамлекетти башкаруу. Өз ара жактыруучулук талабында «Өз[illegible] каалабаганды башкага жасаба» деген на[illegible]ты адамдардын социалдык ж-а этикалык ма[illegible]лелерин аныктаган мыйзам болуп эсептел[illegible] К. б-ча адамдын баары бирдей жаралат, би[illegible] тарбиянын жүрүшүндө бири-биринен ажы[illegible] кетишет, ошондуктан ар бир адам өзүн-ө[illegible] тарбиялоосу керек. Тарбиялуу адам гуманд[illegible] жоопкерчиликтүү, адилет, кичи пейил, камк[illegible] болот. Эгерде мындай адам кескин күтүүсүз кризистүү кырдаалга туш болуп, өмүр ж-а өлүм, абийир, ар намыс, мораль (ыйман) принциби бир катарга тең коюлса, ал өлүмдү тандап алып, атын түбөлүк үлгү кылып калтырат; адамды сүйүү талабынын уюткусу ата-энени сыйлоо, ата-бабаларга сыйынуу, мурастарды сактоо, падышага берилүү болуп саналат. Эгер адам адамды сүйүү сапатына ээ болбосо, ал жүрүм-турум эрежелерин сактай албайт. Андай касиетке адам окуп-үйрөнүү аркылуу жетет. Окуусуз, үйрөнүүсүз адамгерчиликке умтулуу кем акылдуулукка; о. эле окуусуз, үйрөнүүсүз акылмандыкты сүйүү – одоночулукка; эрдикке суктанып сүйүнүү – куйтулукка алып барат ж. б; о. эле иш-аракеттерде токтоолук, этияттык ж-а сактык талабы коюлат; жаңыны билүүдөн мурда эскини билүү керек; ага жалпы моралдык (адеп-ахлактык) тарбиялоону ж-а өзүн-өзү тарбиялоону ишке ашыруу м-н гана жетишүүгө болот делген. Конфуций жогорку моралдык принциптерге таянып, мамлекетти башкаруунун жол-жобо, тартиптерин иштеп чыккан. Асман эң жогорку күч, ал жердеги адилеттүүлүктү көзөмөлдөйт ж-а социалдык теңсиздикти болтурбоо сакчылыгында турат; адамдардын жашоо-турмушу тагдырга көз каранды, ал эми байлык м-н атак-даңк асмандан түшөт. Өлкөнү башкарган падыша асмандын буйругу м-н иштейт, ал «Асман уулу» (Тяньцзы), ошондуктан ал падышанын бийлиги ыйык деп көрсөткөн. Конфуцийдин окуусу б. з. ч. 1-к-да кытайлардын жашоо-турмушуна, каада-салттарына, ырым-жырымдарына сиңип, б. з. 2–3-к-нда Корея ж-а Японияга таралган; 16-к-дан Кытайдын мамл. дини болуп бекиген. 20-к-дын 70-жылдарында К. Кытайда мамл. деңгээлде сынга алынып, куугунтукталган. Бирок 80-жылдарда кайрадан К-ке кызыгуу жогорулоодо.

Ад.: *Переломов Л. С.* Конфуцианство и легизм в политической истории Китая. М., 1981; Конфуцианство в Китае: проблемы теории и практики. М., 1982; *Кобзев А. И.* Философия китайского неоконфуцианства. М., 2002.

Т. Эсенгелдиев.

КОНЦЕНТРА́ЦИЯ (лат. concentratio – чогулуу, жыйналуу) – эритменин же эриткичтин белгилүү көлөмүндөгү эриген заттын өлчөмү. К-ны туюнтуунун бир нече ыкмасы бар: көлөмдүк, массалык, молдук, молялдык, проценттик. Көлөмдүк К. берилген компоненттин көлөмүнүн системанын жалпы көлөмүнө же массасына болгон катышын билгизет да, *кг/м*^{3}, *кг/т* бирдиктери м-н ченелет. Молдук К. – 1 *л* эритмеде эриген заттын молдук саны м-н туюнтулуп, *моль/л* бирдиги м-н ченелет. Молялдык К. 1 *кг* эриткичтеги эриген заттын молдук санын билгизет (*моль/кг*). Проценттик К. (%) 100 *г* эритмеде эриген заттын граммы, *Анализ химиясында* К-ны көбүнчө нормалдуу ж-а титр м-н туюнтат. Нормалдуу К. – 1 *л* эритмеде эриген заттын *г-экв*, ал эми титр болсо, 1 *мл* эритмедеги эриген заттын *граммы* м-н өлчөнөт (*г/мл*). Эл аралык бирдик системасы (СИ) б-ча К. массалык ж-а молдук үлүш б-ча гана туюнтулат.

КОНЦЕНТРАЦИЯЛЫК ЛАГЕРЛЕР – 1) эл коргонуу үчүн колдонулган жай. Англия-бур согушу (1899–1902) мезгилинде лорд Китченер тарабынан түзгөн. Китченер өзү жүргүзгөн «жерди өрттөө саясатынан» бурлар, негизинен аялдар ж-а балдар сактанып, К. л-ге жашынууга аргасыз болгон. К. л. 2 түрдүү болгон: жумушчу лагерлери (туткундардан жумушчу командалар түзүлгөн) ж-а жок кылуу лагерлери. 1919-ж. Ленин падышалык Россиянын сүргүн системасын кеңейткен. 1930-ж. өзгөрүлгөн ат м-н ГУЛАГ (Түзөтүү эмгек лагеринин башкы башкармалыгы) түзүлгөн. Сталиндик репрессия убагында 15 млнго жакын адам ГУЛАГга камалып, алардын көбү оорудан ж-а ачкадан өлгөн же атылып кеткен; 2) н е м и с т и к - ф а ш и с т т и к К. л. Германияда 1933-ж. гитлерчилер бийликке келгенден кийин, фашисттик режимге каршы чыккандарды куугунтуктоо үчүн түзүлгөн. 1934-жылдан К. л-ди ССтин органдары башкарып ж-а коргоп турган. 1938–39-ж. К. л. системасы фаш. Германия басып алган өлкөлөрдө курулуп, ал өлкөлөрдүн элине каршы репрессия м-н геноциддин куралына айланган. Газ камералары ж-а крематорийлер м-н жабдууланган Бухенвальд, Заксенхаузен, Освенцим, Майданек, Треблинк ж. б. К. л-де СССР, Польша, Франция, Бельгия, Нидерланд, Чехословакия, Югославия, Румыния, Венгрия ж. б. өлкөлөрдүн 11 млндон ашуун жарандары жок кылынган. Учурда мурдагы К. л-дин аймактарында музейлер, эстеликтер тургузулуп, тирүү калган туткундардын жолугушуулары болуп турат.

Ад.: СС в действии. Документы о преступлениях СС. М., 1969.

КОНЦЕПТУАЛИЗМ (лат. conseptus – ой, түшүнүк) – схоластикалык философиядагы багыт; тааным тажрыйба м-н чогуу байкалат (тажрыйбадан келип чыккан эмес) деген доктрина. К. эмпиризм м-н рационализмдин синтези сыяк-

туу. Өкүлдөрү: П. Абеляр, Иоанн Солсберийский, Иоанн Дунс Скот ж. б. Жаңы мезгилде К-ге Жон Локк жакын болгон. Универсалийлер тууралуу талаш-тартышта концептуалисттер *номиналисттер* сыяктуу эле *реализм* окуусун четке кагып, жалпынын жалгыз нерселерден көз карандысыз реалдуу жашашын танышкан, бирок номиналисттерден айырмаланып, жалпы түшүнүктөрдүн же концепттердин курчап турган дүйнөнү таануунун өзгөчө формасы катары акылда жашашын таанышкан.

КОНЦЕ́ПЦИЯ (лат. conception – түшүнүү, система) – кандайдыр бир нерсени, көрүнүштү же процессти түшүнүүнүн бир ыкмасы. К. ил., көркөм, тех., саясий ж. б. ишмердиктеги конструктивдүү принципти, негизги ойду белгилөө үчүн колдонулат. К-нын философия, теология ж-а илимде өзгөчөлүгү бар. Философияда концепциялык формада берилет, теологияда, эреже катары, «К.» терминин ага жакын «доктрина» (лат. окутуу, doctrina – окуу) термини м-н алмаштырат. «К.» термини окутуу, үйрөтүү, тарбиялоо маанисинде «догматтыкты» баса белгилөө максатында идеол. ж-а политол. дискурстарда да колдонулат (мис:, коммунисттик доктрина). Классикалык ил. дискурстарда К-ны «теория» м-н теңөө, окшоштуруу тенденциясы да бар, мында К. көбүнчө «толук эмес» теорияны түшүндүрөт. Бирок, илимде К. билимдин, өзгөчө социол.-гуманитардык билимдин (мис; социологиядагы социалдык алмашуу К-сы) өз алдынча формасы да болоо алат. К-нын негизинде мыйзам актылары (мис., орто мектепте), билим берүүнүн мамл. стандарты, окуу программалары, китептери ж. б. жазылат.

КОНЦЕ́РН (англ. concern – катышуу, кызыгуу) – о. ж-дагы көп тармактуу *корпорациянын* экон. жактан үстөмдүк кылуучу азыркы формасы. К. алгач Германияда биринчи дүйнөлүк согуштан кийин пайда болуп, анан Батыштын башка өлкөлөрүнө тараган. К. негизинде конкреттүү корпорациянын *капиталынын* анын ишмердигинин негизги чөйрөсү м-н байланыштуу диверсификациялоо жатат. К. ондогон ж-а жүздөгөн *ишканаларды*, ил.-из. мекемелерин, окуу борборлорун, сыноо полигондорун ж-а көп тармактуу экон. комплекстин ишмердигин камсыз кылуучу көп бөлүктөрдү биriктирет. К. ишмердигинин маанилүү өзгөчөлүгү, бир жагынан, ички финансылык катуу көзөмөл, экинчи жагынан – ишканалардын, бөлүмдөрдүн, филиалдардын кеңири чарбалык өз алдынчалыгы ж-а продукциянын негизги топтору же райондор б-ча *башкарууну* борбордон ажыратуу болуп саналат. К. натыйжалуу иштеш үчүн ил.-тех. жетишкендиктерди кеңири пайдалануу, өндүрүштү системалуу түрдө жаңыртуу, К. ичинде өндүрүштү диверсификациялоо, майда ж-а орто, айрыкча инновациялык ишканалар м-н тыгыз өндүрүштүк байланышта болуу ж. б. иштер жүргүзүлүүгө тийиш.

КОНЦЕ́РТ (лат. concerto – шерменделдешем дегенден) – артисттердин алдын ала жарыяланган программа б-ча эл алдында өнөр көрсөтүүсү. К. түрлөрү: музыкалык (симф., камералык, фортепьянолук, скрипкалык ж-а б.), адабияттык (көркөм окуу), аралаш (музык. номерлер, көркөм окуу, спектаклдерден, балеттерден үзүндүлөр ж. б.), эстрадалык (жеңил вокалдык ж-а аспаптык муз. чыгармалар, юмордук аңгемелер, пародиялар, цирк номерлери ж. б.). К-ке бир (жеке К.) же бир нече аткаруучу катышат. Жеке аспаптын же оркестрдин коштоосунда үн үчүн жазылган муз. чыгарма да К. деп аталат. 18-к-дан акад. деп аталган автордук К. кеңири тараган, В. А. Моцарт, Л. ван Бетховен ж. б. өз чыгармаларын аткарып чыгышкан. Россияда К. 18-к-дын 40–70-жылдарында системалуу мүнөзгө өткөн. *Кыргыз академиялык симфониялык оркестри, Кыргыз эл аспаптар оркестри, Комузчулар ансамбли, «Даткайым» скрипкачылар ансамбли*, ар кыл муз. коллективдер, ырчылар ж. б. аткаруучулар тарабынан К-тер үзбөй өткөрүлүп турат.

КОНЦЕРТМЕ́ЙСТЕР (нем. konzertmeister) – 1) аткаруучуларга (ырчыларга, аспапчыларга, балет артисттерине) партияларды үйрөнүүдө жардам берүүчү ж-а аларды концерттерде коштоочу пианист; 2) биринчи скрипкачы – опералык же симф. оркестрдин солисти; 3) симф. же опералык оркестрдин кылдуу аспаптар тобун жетектеген музыкант.

КОНЦЕ́ССИЯ (лат. concessio – чечүү, эпке келүү) – мамлекетке же муниципалитеттерге таандык жаратылыш *байлыктарын, ишканаларды* ж-а башка чарбалык объекттерди белгилүү бир мөөнөткө пайдаланууга берүү тууралуу *келишим*. Мындай келишимдин негизинде уюшулган ишкананын өзү да К. деп аталат. Мамлекет чет өлкөлүк *фирмага* (же жеке менчик ээлерине) берген К. ошол мамлекеттин мыйзамдары м-н жонго салынат. Эл аралык укукка ылайык мамлекет К. аракетин мөөнөтүнөн мурда токтото алат.

КОНЦО́ВКА, с о н у – көркөм чыгарманын аягы, бүтүшү. К-нын өзүнчө өзгөчөлүктөрү, салттары бар. Кыргыз эл жомоктору «...ошентип жыргап-куунап жашап калган экен» же «ошентип жетим бала кан болуптур» деген өндүү бүтүм м-н аяктайт. Адатта мындай бүтүм угуучулардын көңүлүнө, психологиясына таасир этүү максатында жасалат.

КОНЧАЛО́ВСКИЙ (Михалков-Кончаловский) Андрей Сергеевич (20.8. 1937-ж. т., Москва) – орус режиссёру, сценарийчи, продюссер, публицист, РСФСРдин эл арт. (1980). С. В. *Михалковдун* уулу, П. П. Кончаловскийдин небереси,



«Ак сооктор уясы» фильминен кадр. 1969.

В. И. *Сурико* чөбөросү. 1957–59-ж. Москва консерватори да фортепиано классында окуган, 1965-ж. ГИКтин режиссёрдук ф-тин бүткөн. Бири толук метраждуу режиссёрдук иши – Ч. Айт овдун «Биринчи мугалим» повестинин мотив б-ча тартылган толук метраждуу «Биринчи мугалим» фильми болгон. Айыл турмушунун лирикалык драмасы ж-дө «синема-верите» стилинде, ролдордун көпчүлүгүн кесипкөй эмес артисттер аткарган «Сүйүп калып турмушка чыкпаган Ася Клачинанын тарыхы» (1967, экранга 1987-ж. чыккан, ЭКФтин сыйл., Батыш Берлин, 1988; РСФСРдин мамл. сыйл., 1990) фильмин тарткан. Орус классикасын экрандаштырууда И. С. Тургеневдин романынын мотиви б-ча тартылган «Ак сооктор уясы» (1969) ж-а А. П. Чеховдун пьесасы б-ча «Ваня байке» (1971) фильмдери курч талаш-тартыштар жараткан. «Сүйүшкөндөр романсы» (1974), «Сибириада» (1979, 4 сериялуу) фильмдери Эл аралык сыйлыктарга татыган. 1980-жылдарда чет мамл. жашап, Голливудда иштеген. Ошол жылдары «Мариянын ойноштору» (1984), «Поезд-качкын» (1985), «Уялчаак адамдар» (1987), «Гомер жана Эдди» (1989) фильмдерин тарткан. 1990-жылдардын башында К. Россияга кайтып келгенден кийин «Жакынкы чөйрө» (1992, АКШ ж-а Италия м-н бирге), «Чаар тоок» (1994, Франция м-н бирге), «Акмактар үйү» (2002, Франция м-н бирге, Венеция, ЭКФтин башкы сыйл.), «Жалтырак» (2007) фильмдерин жараткан. Өзүнүн көпчүлүк ж-а башка режиссёрлордун фильмдеринин сценарийлерине автор ж-а автор-лош (Андрей А. Тарковский – «Ивановдун бала чагы», 1962; «Андрей Рублёв», 1966, экранга 1971-ж. чыккан; Ш. Айманов – «Атамандын ажалы», 1971, Казак ССРинин мамл. сыйл., 1972; Н. С. Михалков – «Сүйүүнүн кулу», 1976 ж. б.). «Ивановдун бала чагы», «Жиндилер соту», «Мен жыйырмадамын» («Ильичтин заставасы») фильмдерине тартылган. О. эле «Бала жана көгүчкөн» (1962, кыска метраждуу, Е. К. Осташенко м-н бирге, Венециядагы балдардын ж-а өспүрүмдөрдүн ЭКФ сыйл.), «Сынган алча чырпыгы» (1982, Франция), «Солистка үчүн дуэт» (1986, АКШ), «Гейдар Алиев» (2005, даректүү) фильмдерин тарткан. К. опера ж-а драма спектаклдеринин да реж.-коюучусу.

Ад.: *Богомолов Ю.* А. Михалков-Кончаловский. М., 1990.

КОНЧАЛО́ВСКИЙ Пётр Петрович [9 (25). 2. 1876, Славянск Харьков губ. – 2. 2. 1956, Москва] – орус совет живописчи, РСФСР эл сүрөтчүсү (1946), СССР сүрөт академиясынын анык мүчөсү (1947). СССР мамл. сыйл. (1943) лауреаты. К. – «Момундун валети» деген бирикмени негиздегендердин бири. Алгач примитивизм м-н кубизмдин таасиринде жүргөн. Октябрь рев-ясынан кийин реалисттик жолго түшкөн. Ал ар түрдүү жанрда (портрет, сюжеттүү-тематикалык сүрөт, натюрморт, пейзаж) иштеген. Мыкты полотнолору: В. Э. Мейерхольддун портрети (1938),



Композитор С. С. Прокофьевдин портрети. 1934.

«А. Н. Толстой сүрөтчүнүн мейманы» (1941), «Автопортрет» (1953). К-дин «Сирень» (1933), «Каракурлар» (1939) өндүү натюрморттору, «Түштө» (1947), «Чөп чабыктан» (1948) сыяктуу жанрдык чыгармалары кайталангыс өзүнчөлүгү, ажарduулугу м-н айырмаланат. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

КОНЪЮГА́ЦИЯ (лат. conjugatio – бириктүү) – 1) б а л ы р л а р д а – эки окшош вегетатив клеткалардын ичиндегилердин кошулушу м-н жүрүүчү жыныс процессинин бир түрү; 2) и н ф у з о р и я л а р д а – эки особдун убактылуу кошулушу ж-а ядро бөлүктөрү м-н бир аз цитоплазмасынын алмашуусу аркылуу жүрүүчү жыныс процесси; 3) х р о м о с о м а К-сы – мейоз учурунда жуп гомол. хромосомалардын жакындап, бири бирине убактылуу кыналуусу, бириктүүсү. Андан кийин хромосомалар кайчылашып, бирдей бөлүктөрүнүн (гендердин) алмашуусу – кроссинговер жүрөт; 4) бактерияларда тукум куума материалдардын алмашуусу, б. а. ген. материалды бир бактериядан экинчи бактерияга өткөрүү жолу. К. бактериялардын тукум куума материалдарынын байышына, жаңыча куралышына (рекомбинацияланышына) шарт түзөт. К. – бактериялардын тукум куума өзгөргүчтүгүн жогорулатуучу процесс.

КОНЬКИ СПОРТУ – кышкы спорт түрлөрүнүн бири. Аның коньки м-н тез (муз үстүндө) чур-

коо ж-а *фигуралык муз тебүү* деген түрлөрү бар. Азыркы К. с-нда эркектер үчүн 500, 1000, 1500, 5000, 10000 *м*, аялдар үчүн 500, 1000, 1500, 3000 *м* чуркоо аралыгы белгиленген. 1-жолу К. с-нун коому Норвегияда 1864-ж. түзүлүп, алгачкы мелдеш 1882-ж. Венада өткөрүлгөн. Конькиде тез чуркоо б-ча эл аралык мелдеш 1890-ж. Россияда уюштурулуп, 1892-ж. эл аралык союзу түзүлгөн. 1893-жылдан эркектер арасында Европ. ж-а дүйнөлүк чемпионат өткөрүлөт. 1924-жылдан кышкы *Олимпия оюндарына* киргизилген. Кырг-нда К. с. б-ча алгачкы мелдеш 1929-ж. Караколдо өткөрүлгөн.

КОНЬЮНКТИВИТ (лат. conjunctivus – бириктиргич) – көздүн бириктиргич кабыгы – коньюнктиванын сезгениши. Көздүн көп кездешүүчү оорусу. Пайда болушуна карата экзогендик ж-а эндогендик болуп бөлүнөт. Экзогендик К-ти түрдүү микробдор, стрептококтор, стафилококтор, кептөөр таякчасы, гонококтор ж. б., о. эле физ. ж-а хим. факторлордун, ультракызгылт көк нурдун, электр тогунун таасири ж. б. пайда кылат. Эндогендик К-тин пайда болушуна жалпы жугуштуу оорулар (*кызылча, скарлатина* ж. б.), мурун-кулкун, тиш, ичеги-карын, боор оорулары себеп болот. Аллергиялык К. да экзогендик болуп эсептелет. К-тин катуу кармаган ж-а өнөкөт түрү бар. Катуу кармаган түрүн вирус козгойт. Оору капысынан башталып, көз кызарат, ачышат, көзгө кум түшкөндөй ойкөп, катуу ооруйт. Жарыкты карай албай, көз чылпактайт; көз жапкалары шишимик тартат. Айрым учурда оорулуунун денеси ысып, мурдунан суу куюлат, башы ооруп, уйкусу качат. Өз убагында дарылабай же чала дарылаганда көздүн коркунучтуу ооруларына ж-а өнөкөт түрүнө өтүп кетиши мүмкүн. Өнөкөт К-те көз жапкагы салмактанып, сайгылашкансыйт. Көз бир аз кызарат, жаш агып, чылпактайт. Оору көпкө созулат, дарылоодо сезгенүүгө каршы ж-а ооруну басандатуучу тамчылатма дарылар врачтын сунушу м-н колдонулат. Көз чылпактаганда бор к-тасынын, марганец кычкыл калийдин эритмелери м-н жуу керек. К. жаныбарларда да жолугат.

КОНЬЯ СУЛТАНДЫГЫ (Иконий, Рум же Селжук султандыгы) – 11–14-к-да Кичи Азиядагы феод. мамлекет. Султандыктын алгачкы борбору Никея, кийин Конья (Иконий) болгон. К. с. Византиянын Кичи Азиядагы жерлерин сельжуктардын басып алышы м-н түзүлгөн. Ал Ала-ад-дин Кей-Кубад султан башкарган мезгилде (1219–36) өзгөчө гүлдөп, Конья, Кайсери, Сивас ж. б. шаарлары кол өнөрчүлүктүн борбору болгон. 1243-жылдан К. с. Ирандагы монгол илхандарынын вассалына айланган. 1307-ж. майда княздыктарга бөлүнүп, а. и. Осмон бийлиги (округ) 14-к-дын башында түзүлгөн Осмон мамлекетинин негизи болгон.

КОҢГУРОО ГҮЛ (Campanula) – өсүмдүктөрдүн конгуроо гүлдүүлөр тукумундагы уруусу. Бир, эки ж-а көп жылдык чөп же чала бадал. Гүлү конгуроо сымал, түсү көк, кызгылт көк, ак ж. б.



Конгуроо гүл: 1 – жазы жалбырактуу конгуроо гүл; 2 – көп жылдык конгуроо гүл; 3 – кызгылт-көк гүлдүү конгуроо гүл.

300гө жакын түрү белгилүү, Кырг-нда 7 түрү кездешет. Бөксө, бийик тоолордо, боздондо, шалбаада, тескей беттердин таш арасында өсөт. Уругу, тамыры аркылуу көбөйөт. Кырг-нда К. г-дүн жазында гүлдөөчү бир ж-а эки жылдыгы, жайында гүлдөөчү көп жылдык түрү гүлзарда кооздук үчүн өстүрүлөт.

КОҢОРЧОК (Halimodendron) – өсүмдүктөрдүн чанактуулар тукумундагы уруусу. Бийикт. 2 *м*ге жеткен бадал. Жалбырагы жуп, канаттай. Жалбырак огунун учу ж-а жан жалбыракчасы тикенек түрүндө. Гүлдөрү мала кызыл же кызгылт, көгүш, ак, топ гүлү – чачыдай. Момосу – чанак. Уругу күрөн, формасы бойроктой, К. Иранда, Монголиянын түн.-батышында, Европада, Кавказда кездешет. Кырг-ндын бардык аймактарынын тоо этегинде, көл, өзөн боюндагы шор топуракту жерде өсөт. Тамырында сары түскө боёчу пигменти бар. Токой тилкелерин өстүрүүдө ж-а кооз өсүмдүк катары айрым аймактарда өстүрүлөт.

КОҢОРЧОК – Нарын обл-нун Ак-Талаа р-нундагы кыштак. Конорчок айыл округуна караштуу. Алабуга суусунун оң жээгинде, дениз денг. 1825 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Баетов кыш-нан 45 *км* түн.-батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 354 *км*. Кыштак 1929-ж. орношкон. Калкы 1075 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП, мончо бар.

КОҢТААЖЫ, хунтайши – 16–18-к-дагы ойрот-калмак хандарынын жогорку наамы (к. *Жунгар хандыгы*). Калмак тилинде «кун» – улуу, күчтүү, «тээж» – хан, «кунтээж» – улуу хан, «тэж» ханзаада деген түшүнүк берет. Борб. Азиянын тарыхында алгачкы жолу 1573–74-ж. К. наамы Чечен, Баян баатырларга байланыштуу эскерилет. 1639-ж. Далай лама тарабынан Каракулдун (Харахула) баласы Куту Коцунга да берилип, аты Эрдене деп которулган (к. *Эрдене баатыр коңтаажы*). Андан кийин ал наамды *Галдан Бошокту хан*, *Цеван Рабдан* алса, кээ бир хандар өз алдына ыйгарып алган учуру болгон. Кыргыз санжырасында, эпосторунда К-га байланышкан көптөгөн маалыматтар айтылып калган.

Ад.: *Златкин Я.* История Джунгарского ханства (1635–1758 гг.). 2-е изд. М., 1983. *Э. Турганбаев.*

КОҢУЗДАР, катуу канаттуулар (Coleoptera) – толук кубулма курт-кумурска түркүмү. 1-жуп канаты катуу чоң канатка айланып, 2-жуп учкуч канатын, көкүрөгүнүн үстүнкү жумшак бетин ж-а курсагын коргоп турат. Алдынкы бөлүгү (башы, көкүрөгү) арткы бөлүгү м-н кыймылдуу бириккен. Жашоо чөйрөсүнө жараша формасы ж-а түсү түрдүүчө. Көбүнчө ачык пигменттүү, металлдай жалтырак, демейде каралжын үнкүрдө же топуракта жашоочуларында пигменти жок, ачык сары түстө. Оозу кемирүүчү. К. айрым жыныстуу, жумуртка, кээде тирүү тууйт. Көпчүлүгүнүн оорчүшү жумуртка, личинка, куурчакча ж-а имаго фазаларын өтөт. Башында сезүү, көрүү органдары жайгашкан. Көкүрөгүндө басуу, казуу же кармоо, секирүү, сүзүү кызматын аткаруучу буттары бар. Алар азыктануу мүнөзүнө жараша 3 топко бөлүнөт: фитофагдар, сапрофагдар (өсүмдүк, жаныбар калдыктарын, чириндилерин жечүлөр) ж-а жырткычтар. Алар азыгын түнкүсүн издейт. Душмандарынан коргонуу максатында тез жүгүрүү, секирүү, бат учуу, кыймылсыз катып калуу, жыт чыгаруу ж. б. чараларды көрөт. Тукуму үчүн кам көрүп, личинкаларынын өсүшүнө керек азыктарды чогултат. К-дын көп түрдүүлүгү жердеги биоценоздо олуттуу роль ойнойт. Көп түрү кыртыш түзүлүшүн өзгөртөт, санитарлар, башка курт-кумурскалардын санын жөнгө салат ж-а өсүмдүктөрдү чандаштырат. Айрымдары талаа ж-а токой өсүмдүктөрүнө зыян келтирет, а. ч. азыктарын бузат. К-дын 3 түркүмчөсү, 140 тукуму, 30 миң түрү бардык кургактыкта (Антрактида, Арктиканын муз зонасы м-н бийик тоолордон башка), көбүнчө тропикте кездешет. Көп түрүнүн саны азаюуда.



Коңуздар: 1 – жыттуу сыйда дуулдак; 2 – кавказ дуулдагы; 3 – доо дуулдак; 4 – тарпчы коңуз; 5 – кара суучул коңуз; 6 – керене канат сүзгүч; 7 – батыш саратаны; 8 – кадимки керик коңуз; 9 – өзгормо алтынчык; 10 – эл кайда кочот; 11 – бугу коңуз; 12 – чара алтынчык; 13 – анткор ууру коңуз; 14 – кызылчачы узун тумшук; 15 – алма гүлчү коңузу; 16 – альп муртчан коңузу; 17 – реликт муртчан коңуз.

КОҢУРАТ – кыргыз урууларынын бири. Санжыра б-ча кыргыздын *оң канат, сол канат* ж-а *ичкилик* уруулар тобуна кирбеген, өз алдынча уруулардан болуп саналат. Генеал. уламышта легендарлуу *Адигине-Тагайдын Наалы эжесинин* конур (коңур кула, конур ала) атынын байгесине бир бала тийип, андан тарагандар ошол аттын түсүнө байланыштуу К. деп аталып калганы айтылат. К-тардын мындай аталышы байыркы кытай хроникаларында да эскерилип, кыргыздарга (хягас) коңшу көчмөн уруулар жашап, минген аты кула болгондуктан, алардын өлкөсү йелочжи, бюньма, била (Н. *Бичурин* «саврасый» – «кула» деп которсо, Н. *Аристов* «пегий» – «ала» деп окуган) деп аталганы ж-дө маалыматтар бар. Ал эми *Балыкооздун* санжырасында байыркы мезгилде кыргызды Ороз, 19 уруу К-ты Сарыбай нойон бийлеп, бул эки *жедигер*, тайчык, погой, кытай, *катаган*, калча ж. б. урууларды кыргызга бириктирип, бир хандык түзүшкөн. С. *Абрамзон* К-ты (конкират) монголдорго тектеш уруулар, кыргыздын этностук тобуна 12–14-к-да кирген деп эсептейт. Кыргыздын генеалогиясын изилдөөчүлөр кыпчак, мундуз, канды, кушчулар м-н кошо К-тарды да байыркы урууларды катарына киргизишет. «*Мажму ат-Таварихте*» 92 боолуу озбектин (илатийа) бир уруусу катары эскерилет. Оозеки фольклор б-ча К-тан танатар, андан куттук, кечмелик деген уруулар бөлүнөт. Башка маалыматтарда борү, сасбак, чарык деген уруктарга тарап, негизинен Чүй облнун Чүй, Кемин, Ысык-Көл обл-нун Жети-Өгүз, Ош обл-нун Кара-Суу, Кара-Кулжа ж. б. р-ндордо турушат. Түш. Кырг-нда жашаган К-тар өзүлөрүн ысык-көлдүк К-тар м-н уруулаш деп

эстешет. Мындан тышкары Өзбекстан, Казакстанда да К. аталган уруу жашайт.

Ад.: *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. 1-том. Б., 1993; *Эсенкул Төрөкан уулу.* Кыргыздын кыскача санжырасы. 1-том. Б., 1995; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 1. Б., 2003.

Р. Жолдошов.

КОҢУРБАЕВ Эрик Өмүрзакович (18. 10. 1934, Фрунзе – 15. 10. 2005, Бишкек) – биология илимд. доктору (1974). проф. (1978). КМУну бүтүргөн (1957). Кыргыз ССР ИАнын Биология ин-тунда ил. кызматкер, окумуштуу секретарь (1957–66), Ош МПИде проректор (1966–72), Пржевальск пед. и-тунда кафедра башчысы, ректор (1972–87). Москвадагы жогорку билим берүү ин-тунда ил. кызматкер, эл аралык билим берүү коллежинде проректор (1987–97) болуп иштеген. Энтомология б-ча адис. 80ден ашык ил. эмгеги, а. и. 2 монографиясы бар. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.



Эмг.: Экологическая классификация фауны симулинд горных потоков. Л., 1974; Жаратылыш сырлары. Ф., 1978.

КОҢУР-ӨЛӨҢ, А й д ы н - К ө л – Тескей Ала-Тоонун түн. капталындагы көл, Коңур-Өлөң–Ала-Баш өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүнөн орун алган. Дениз деңг. 1906 *м* бийикте жатат. Айланасындагы саздын кеңейишинен соолуп баратат. Аянты 0,7 *км*², уз. 2,4 *км*, туурасы 600–700 *м*. Тереңдиги 1 *м*ге чейин. Көлгө чакан суу куюп, андан агып чыккан өзөн Ак-Терек суусуна оң тараптан куят. Балык бар. Көлдө чиринди заттардын көбөйүп баратышы (айрыкча сапропель) анын чанагынын ыкчам кичирейишине шарт түзүүдө.

КОҢУР-ӨЛӨҢ – Ысык-Көл обл-нун Тоң р-нундагы кыштак. Көл-Төр айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1994 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Бөкөнбаев кыш-нан 35 *км* түш.-батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 87 *км*. Кыштак 1924-ж. негизделген. Калкы 1515 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана ж-а ФАП бар.

КОҢУР-ӨЛӨҢ–АЛА-БАШ ӨРӨӨНҮ Ысык-Көл ойдуңунун түш.-батыш бөлүгүндө, Тоң р-нунун аймагында. Түштүгүнөн Тескей Ала-Тоо, түндүгүнөн Дубана (бийикт. 2223 *м*), Тегерек, Көк-Жар, Курбу жапыз тоолору м-н чектешет. Чыгыш жагында Жер-Үй өрөөнүнө, батышта Семиз-Белге өтөт. Таманынын абс. бийикт. 2000–2100 *м*, уз. 40 *км*, туурасы 7 *км*. Рельефи түзөң. Тескей Ала-Тоонун этегинде шиленди конустары жатат. Өрөөндүн ичи төртүнчүлүк мезгилинин аллювий, пролювий ж-а бир аз морена борпоң тегинен турат. Генезистик тиби б-ча – мегасинклиналдык ойдуң. Климаты континенттик, жайы мелүүн (15°С), [illegible]шы суук (–15...–20°С), жылдык жаан-чачын [illegible]00–350 *мм* (кардын калыңдыгы 10–20 *см*). [illegible]ңур-Өлөң, Мамбет-Төр, Ичке-Төр, Ийри-Суу [illegible]гыш ж-а Батыш Кара-Сууга кошулуп, Ак-Тер[illegible]уусун түзөт. Ак-Терек суусу Дубана тоосун [illegible]ип агып, Ысык-Көлгө куят. Ойдуң жер аст[illegible]дагы сууга бай, чыгыш бөлүгүндө Айдың-Көл көлү (к. *Коңур-Өлөң*) (аянты 0,7 *км*²) бар. Топурагы боз-күңүрт ж-а саз кыртыштуу, тоо капталдарында – кара коңур. Тескей беттерде талаа, шалбаа, өлөң саз, күнгөй бетте (Тегерек) жарым чөл, кургакчыл ксерофит өсүмдүктөрү өсөт. Ойдуңда Ала-Баш, Дөң-Талаа, Комсомол, Коңур-Өлөң, Көл-Төр, Тогуз-Булак кыш. жайгашкан. Мал чарбасы (айрыкча кой чарбасы) өнүккөн.

КОҢУР-ӨЛӨҢ МӨҢГҮЛӨРҮ – Тескей Ала-Тоонун түн. капталындагы татаал өрөөн тибиндеги 2 мөңгү (Чыгыш ж-а Батыш). Ак-Терек суусунун оң курамы – Коңур-Өлөңдүн башында жайгашкан. Ч ы г ы ш м ө ң г ү с ү н ү н уз. 5,8 *км*, аянты 11,0 *км*², абляциясынын аянты 6,1 *км*². Мөңгүнүн башы дениз деңг. 4760 *м*, этеги 3360 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 3920 *м*. Куралуу аймагы эки ири мөңгүнүн биригишинен пайда болот. Этегинин калыңдыгы 25–30 *м*ге жетет. «Тилинин» учу м-н азыркы моренанын аралыгы 35–40 *м*. Б а т ы ш м ө ң г ү с ү н ү н уз. 3,5 *км*, аянты 5,8 *км*², абляциясынын аянты 3,8 *км*². Мөңгүнүн башы дениз деңг. 4700 *м*, этеги 3440 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 3900 *м*. Мөңгүнүн бети бир аз жантайыңкы, тегиз. Азыркы этек моренадан 2 *км* төмөндө дагы мореналардын үйүлүп жатышы мөңгүнүн акырындык м-н тартылып бараткандыгына күбө. Мөңгүлөрдөн Коңур-Өлөң суусу башталат.

КОҢУР-ӨЛӨҢ ЧЫМ КӨҢ КЕНИ Ысык-Көл обл-нун Тоң р-нунда, Коңур-Өлөң өрөөнүндө, Чыгыш Кара-Суунун төмөнкү агымында, Тогуз-Булак кыш-нан 2 *км* түн.-батышта, дениз деңг. 1910 *м* бийикте. Орт. калыңдыгы 1,41 *м*, аянты 233,77 *га* болгон чым көң кени саздак пролювий-аллювий катмары м-н байланышкан. Чым көң күрөң ж-а мала күрөң түстө. Чириндилер 10–20%ти түзөт. Күйгөндөгү жылуулугу 2088–4780 *ккал/кг*. Чым көң жер семирткич кошулмаларын даярдоого жарамдуу. Төмөнкү горизонту чала чиригендиктен бальнеол. (дары баткак) мааниге ээ. Запасы A_2 категориясы б-ча 3173,2 миң *т*.

КОҢУР-СУУ МӨҢГҮСҮ – Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 7,6 *км*, аянты 12,4 *км*². Кызыл-Суунун (чыгыш) сол куймасы – Каман суусунун алабында жайгашкан. Башы дениз деңг. 5840 *м*, этеги 3640 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4240 *м*, абляциясынын аянты 5,5 *км*². «Тили» морена м-н текши капталган (5,6 *км*²). Мөңгүдөн Камандын сол куймасы – Коңур-Суу башталат.

КОҢУР ТОПУРАК – ак кылкан-бетегелүү ж-а бетеге-шыбактуу кургак талаа ж-а жарым чөл топурак тиби. К. т. Түркия, Моңголия, Түн. Кытай, АКШ, Аргентина ж. б. өлкөлөрдө көп кездешет. КМ[illegible] өлкөлөрүндө Казакстан, Украинанын түштүг[illegible] Волга боюнун кургакчыл райондорунда, [illegible] Кавказ, Батыш Сибирь ж. б. жерлерде бар [illegible] т-туу зонанын климаты кескин контине[illegible]ү, кургакчыл келет. К. т-та *карбонатта*[illegible]п; эригич туздардын болушу анын шор ж-[illegible]ортоң топуракка айланышына алып келет. [illegible]рг-ндын жалпы жер аянтынын 12%ке жакы[illegible] К. т-туу келет. Тоонун К. т-ы өрөөндөгүгө караганда чириндилүү, күрдүү келип, жайыт, чабынды ж-а кайрак жер түрүндө пайдаланылат. Өрөөндөрдөгү К. т-туу сугат жерде буудай, беде, эспарцет, картөшкө өстүрүлөт.

КОО – эки жагы бийик, ортосу чуңкур ой жер, ан. Түздүк-ойдуңдуу, бөксө тоолуу аймактарга таандык, нымды сүйүүчү өсүмдүктөр таралган. Жазында кар эриген кезде сууга толот. К. эрозиялык процесстердин (кээде карсттык, эолдук, аралаш) таасиринен пайда болот. Бул түшүнүк геогр. аталыштардын курамында кеңири таралган: Сары-Коо (Панфилов р-нундагы канал), Сары-Коо-Сай (Ат-Башы р-нундагы Орто-Суунун куймасы), Кара-Коо (Тоң, Кочкор р-ндорундагы тоолор, Ат-Башы р-нундагы суу, Тоң р-нундагы кыштак) ж. б.; Кочкор өрөөнү да мурда Кара-Коо аталган.

КООЗ ӨСҮМДҮКТӨР – кооздук үчүн өстүрүлүүчү өсүмдүктөр тобу. Калк жашаган жерлерди жашылдандыруу, турак жай, гүлзар, көчөлөрдү көрктөндүрүү үчүн өстүрүлөт; К. ө-дүн коргоо, сан.-гигиеналык ж. б. мааниси бар. Өсүмдүктүн биол., экол. өзгөчөлүктөрүнө ж-а өстүрүүнүн агротех. ыкмасына жараша К. ө. төмөнкүчө бөлүнөт: кооз дарак ж-а бадалдар – жазы, ийне ж-а күбүлмө жалбырактуулар (эмен, кайың, акация, карагай, арча, мажрүм тал, мырза терек); бир жылдык, эки жылдык ж-а көп жылдык К. ө. Алар сабагынын өсүү формасына жараша сойломо, төшөлмө, тик өсүүчү ж-а ампелдик, өсүү шартына, пайдаланылышына жараша оранжерея, бөлмө К. ө-ү болуп айырмаланат. Алардан атыр гүл, георгина, чекилдек гүл, жоогазын ж. б. гүлдөрдүн көптөгөн жаңы сорттору ж-а түрлөрү чыгарылган.

КООМ АРАЛДАРЫ (Îlas de la Société), Ж о л д о ш т у к а р а л д а р ы – Тынч океандын түш. бөлүгүндөгү архипелаг, Полинезияда. Франциянын ээлиги. Аянты 1,6 миң *км*² (эң ириси – Таити). Жанартоодон пайда болгон. Бийикт. 2241 *м*ге чейин (Таити а-нда). Нымдуу тропик токою басымдуу. Тропиктик дыйканчылык өнүккөн, балык кармалып, бермет чогултулат. Адм. борбору – Папеэте (Таити а-нда). Лондон король коомунун атынан аталган.

КООМДУК ИНСТИТУ́Т – адамдар ортосундагы ар дайым кайталанып ж-а пайда болуп туруучу мамилелер. К. и. – иш-аракети конкреттүү коомдук функцияларды аткарууга багытталган адамдардын, топтордун, мекемелердин туруктуу топтому. Мис.; үй-бүлө, мамлекет, билим берүү, саламаттыкты сактоо мекемелери. Коомдук турмуштун 4 чөйрөсүнүн ар биринин өз ин-ттары бар. Коомдук турмуштун чөйрөлөрү: 1) экон. – материалдык өндүрүш процессиндеги мамилелер (өндүрүш, бөлүштүрүү, материалдык байлыкты пайдалануу); экон. чөйрөгө тиешелүү ин-ттар: з-д, ф-ка, банк, базар ж-а фирмалар; 2) социалдык – ар кыл социалдык ж-а жаш курактагы топтордун ортосундагы мамилелер; социалдык кепилдиктерди камсыздоо б-ча ишмердик. Социалдык чөйрөгө караган ин-ттар: коммуналдык кызматтар, билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык камсыздоо системалары, байланыш ишканалары ж. б.; 3) саясий-жарандык коом м-н мамлекет, мамлекет м-н саясий партиялар ортосундагы мамилелер. Саясий системага караштуу ин-ттар: мамлекет, парламент, өкмөт, сот системасы, саясий партиялар; 4) рухий – рухий дөөлөттөрдү жаратуу, сактоо, таркатуу, пайдалануу процессинде пайда болуучу мамилелер. Рухий чөйрөнүн ин-ттары: билим берүү, илим системасынын мекемелери, театрлар, музейлер.

КООМДУК КЕЛИШИМ ТЕОРИЯСЫ – мамл. бийлик адамдар ортосундагы келишим түзүүдөн улам пайда болгон филос. ж-а юрид. доктрина. Коомдук келишим тууралуу алгач Эпикур ж-а анын окуусун улантуучу Лукреций Кар айтышкан. К. к. т-нын (мамлекеттин пайда болушунун келишим теориясы) тарыхындагы жаңы мезгил Батыш Европадагы бурж. мамилелердин өнүгүшү м-н байланыштуу, ал жаңы мезгилде абс. феодалдык монархия м-н күрөштүн идеялык негизи түзүлүп, феодалдык ин-ттар ж-а идеология сынга алынган. Бийлик, мамлекет кудайдын амири м-н пайда болду деген теорияга карама-каршы К. к. т. табигый укук доктринасынын негизинде мамлекет эркин ж-а көз карандысыз индивиддердин макулдашуусу м-н пайда болуп, алардын укуктарын коргойт деген. Өзүнүн өнүгүшүндө бул теория ар кандай интерпретацияланган. Мис., Томас Гоббс мамлекет пайда болгонго чейинки абалды «бардыгынын бардыгына каршы согуш абалы» катары сүрөттөйт ж-а жалпы бийлик, мыйзам ж-а адилеттүүлүк жок табигый абалда ар бир адам бардыгына укугу бар, бул анын табигый укугу ж-а эркиндиги деп эсептейт. Мындай шартта адам акылы тынчтыкты көздөп, ар бир адам тынчтык м-н коопсуздуктун кызыкчылыгы үчүн

табигый укуктарынан баш тартууга далалат кылат. Натыйжада адамдарды коркунучта кармап, алардын аракеттерин жалпы жыргалга багыттап турган мамлекет түзүү ж-дө келишим түзүүгө аргасыз болушат. Бирок Гоббстун теориясы эркин ж-а көзөмөлсүз абс. мамлекетти негиздөөгө жол берген. Жон Локктун теориясы Гоббстукуна караганда либералдык мүнөздө, адамдар м-н мамлекет ортосундагы келишим принципке шайкеш келиши керек ж-а ага ылайык эгемендүүлүктүн булагы катары эл деспотиялык бийликти коомдук келишимдин бузуучусу деп кулатууга укугу бар. О. эле ар бир адам коомдук келишимге кошулуу ж-а мамлекетке мүчө болуу же андан чыгып кетүү маселесин эрезеге жеткенде өзү чечет. К. к. т. прогрессивдүү мааниге ээ болгонуна карабай, негизинен, буржуазия м-н бурж. коомдун талабын жактаган. Мамлекеттин пайда болушу ж-а маңызы тууралуу ил. окууну К. Маркс, Ф. Энгельс ж-а В. И. Ленин да жаратышкан, алардын пикири б-ча мамлекет коомдун белгилүү бир тарыхый этабында таптардын түзүлүшү м-н пайда болот. К. к. т-н Улуу Британияда Ж. Лилберн ж-а Ж. Мильтон, Германияда И. Кант, И. Фихте, Америкада Т. Пейн, Россияда А. Н. Радищев ж. б. уланткан.

КООМДУК ФИЛОСО́ФИЯ, социалдык философия – философиянын коом деген эмне, анда адамдын орду кандай деген суроого жооп берүүнү көздөгөн бир болүгү. Ушул маанисинде К. ф. теор. социологияга жакындап кетет, айырмасы социология жашап жаткан коомду анализдеп, анын мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктайт, ошол эле убакта К. ф. сындык функцияны аткарат. Философиядагы социалдык проблематика антикалык мезгилде башталып, баарынан мурда Платондун («Мамлекет») ж-а Аристотелдин («Саясат») эмгектеринде кездешет. Коомдун өтө таасирдүү филос. ж-а соц. концепцияларына марксизм (К. Маркс, Ф. Энгельс), неомарксизм (Д. Лукач), либералдык теория (Л. фон Мизес, Ф. Хайек), «массалык коом» теориясы (Х. Ортега-и-Гасет), тоталитардык коом теориясы (Юнгер, Арендт, Мангейм), өнүккөн индустриялык коом теориясы (Франкфурт мектебинин окуулдору: М. Хоркхаймер ж-а Г. Адорно, Г. Маркузе), постиндустриялык коом ж-а маалымат коом теориясы (Д. Белл, О. Тоффлер), «сонку модерн» коом теориясы (Гидденс) ж-а империялык глобализм теориясы (Хардт и Негри) кирет. К. ф. дүйнөгө көз караш, методол. ж-а гуманитардык функцияларды аткарат. Ал бардык гуманитардык илимдер, а. и. психология, лингвистика м-н тыгыз байланышта болот.

КООМДУК-ЭКОНОМИКАЛЫК ФОРМА́ЦИЯ – тарыхты материалисттик таанып билүүнүн негизги, өзөктүү түшүнүгү; марксизмдин коомдук өнүгүү ж-дөгү теориясынын башкы постулаты; адамзаттын бүткүл дүйнөлүк тарыхындагы коомдук өнүгүү нормалар[illegible]ын (беш баскычынын: алгачкы жамааттык [illegible]м, кул ээлөөчүлүк, феодалдык, капиталисттик-а социалисттик) мүнөздөмөсү. К.-э. ф. түшүнүгүн коом турмушун изилдөөгө колдонуу м-н коомдук өнүгүүнүн бир баскычында өлкөлөрдө ошо баскычтын белгилери кайталана турганын марксисттер биринчи жолу далилдешкен. АКШ, Улуу Британия, Франция, Германия ж. б. өлкөлөр өз-өзүнчө закондор б-ча өнүкпөстөн, баарына тең бирдей жалпы закон м-н өнүгөрү, демек ал закон баарында кайталанары белгиленди. Тарыхый материализмдин теориясында жогоруда аталган беш К.-э. ф-дан тышкары төмөнкүдөй үч м е г а ф о р м а ц и я тууралуу түшүнүктөр кездешет: 1) архаикалык формация – анда байлыктын негизги булагы болуп жаратылыш эсептелген; 2) экон. формация – ал жеке менчикке ж-а байлыктын булагы болуп эсептелген эмгекке негизделген; 3) коммунисттик формация – ал коомдук менчикке ж-а коомдун негизги капиталы болуп эсептелген адамды өнүктүрүүгө талпынат.

КООН (Cucumismelo) – ашкабактар тукумундагы бир жылдык өсүмдүк. Сабагы жерге төшөлүп өсөт. Жалбырагы чоң. Гүлү айрым жыныстуу (кош жыныстуулары да бар), курт-кумурскалар аркылуу чандашат. К. – көп уруктуу өсүмдүк. Борб. ж-а Кичи Азиядан таралган. Салмагы (сортуна жараша) 0,2–16,0 *кг*. КМШ өлкөлөрүндө, Борб. Азия респ-ларында (Кырг-ндын түштүгүндө ж-а Чүй обл-нда), Волга бою, Молдавия, Украина ж-а Закавказьеде (көбүнчө аш сорту) эгилет. К. баалуу диеталык азык. Анда кант (16–18%), С витамини (60 *мг* % ке чейин), каротин, пектин заттары, минерал туздар бар. К. желет, кургатылат. Андан кыям, цукат, мармелад, повидло ж. б. азыктар даярдалат. Кеңири таралган сорттору; Анделек, Босвалды, Бухарка 944, Заами 672, Кой баш 476, Ак коон 557, Сары коон 31, Үргөнч, Ассате 3806 ж. б. К-дун уругу 4–6 *см* терендикке, топурактагы темп-ра 12–14°Сге жеткенде себилет. 1 *га* аянтка 2–3 *кг* урук кетет. Кырг-нда К-дун эрте бышуучу сорту 10–30-апрелде, убагында бышуучусу 20-апрелден 15-майга чейин, кеч бышуучусу 10–30-июнда эгилет. К-дун түшүмүн жыйноодо мезгил-мезгили м-н улам бышканы үзүлөт. Кеч бышуучу К-дор толук быша электе үзүлүп, сакталган кезде толук бышат.



Коондун «Арабакеч 1219» сорту.

КООН ҮЗМӨЙ – жаш балдардын, жигиттердин, кыз-келиндердин оюну. Ойноочулардын бирөө «бакчачы», калгандары «коон үзүүчүлөр» ж-а «коондор» болот. «Коон үзүүчүлөр» каз-катар тизилип, «бакчачы» башчы болуп, алардын эң алдында отурат. «Бакчачы»: «Жолуң болсун, кайда барасың?», – деп биринчи «коон үзүүчү»: «Бакчаңыздан коон үзүнү келдим», – дейт. «Бакчачы»: «Андай болсо келиниз, бышканын тандап алыңыз» – деп уруксат берет; «Коон үзүүчү» бала улам бир баланын артынын басып тандап отуруп, көңүлүнө жаккан: «Бул бышыптыр, ушуну алам», – деп отурган жеринен «үзүп алууга» киришет. Бышкан «коон» «сабагынан үзүлбөөгө» тырышат, бирок «коон үзүүчү» акыры аны үзүп алат да, «бакчачыдан» баасын сурайт. «Бакчачы» коонду багууга жумшаган эмгегин, анын даамдуулугун айтып, баасын (ыр, шап, жаңылмач, матек, бий, күү ж. б.) бычат. «Коон үзүүчү» «бакчачынын» талабын аткарса, «коонун» алып барып, оюндагылардын арасына жанаша отурат. Кезек «коон үзүүчүлөрдүн» кийинкилерине тийип, оюн улана берет.

КООПЕРА́ЦИЯ (лат. cooperātio – кызматташтык) – 1) бир же бир нече тыгыз байланышкан ж-а өз ара макулдашылган *эмгек* процесстерине бирге катышуучу ар түрдүү сандагы адамдардын кызматташтыгы. Кызматташтыктын мындай формасы *экономикада* эмгек кооперациясы деп аталат. Бир жактуу жумуш (жер иштетүү, түшүм жыйноо, курулуш) аткаруучу жонокой К. ж-а эмгекти болуштүрүүгө негизделген татаал К. деп болүнөт; 2) ишмердиктин түрдүү жактарында белгилүү бир жетишкендиктерге ээ болуу үчүн жумушчулардын, кызматкерлердин, майда өндүрүшчүлөрдүн, дыйкандардын, менчик ээлеринин өз ара жардамдашуусунун уюштурулган ыктыярдуу бирикмеси. Ө. ж. ж-а а. ч. кооперациялары, керектөө ж-а кредиттик оноктоштүк, турак жай, курулуш кооперациялары ж. б. бар.

КООПСУЗ АРАЛЫК – жарылуучу заттардан кишиге, механизмге, үйлөрго чейинки жарды-руу таасири тийбеген аралык. Бул аралык «Жардыруу иштеринин эрежеси» б-ча аныкталат. Эл отурукташкан аймактарда ар кандай кокустуктардан сактануу үчүн жардыруу иштери негизги жерден эки эсе алыс жүргүзүлөт. Көп кабаттуу үйлөрдүн, бураналардын, көпүрөлөрдүн аралыгы атайын эсептоолор м-н такталат.

КООПСУЗДУК ЖАНА КЫЗМАТТАШТЫК БОЮНЧА КЕҢЕШМЕ Е в р о п а д а г ы (ЕККК) – Европада ж-а дүйнөдөгү коопсуздукту кызматташуу аркылуу жонго салууну чече турган жалпы кеңешме (АКШ ж-а Канаданын катышуусу м-н). Кеңешменин алгачкы ачылышы 1973-ж. 3–7-июлда Хельсинкиде өткөн. Ага Европанын 33 мамлекетинин өкүлү (тышкы иштер министрлери) катышып (Албания, АКШ, Канада кеңешмеге катышуудан баш тарткан), анда «Хельсинкидеги консультациянын корутунду сунуштары» кубатталган ж-а Европадагы коопсуздук ж-а кызматташтык б-ча ар бир өкмөттүн көз карашы сунушталып, кеңешменин алдыдагы иштери ж-дө баяндама берилген. Кеңешменин экинчи этабы 1973-ж. 18-сентябрдан 1975-ж. 21-июлга чейин кез-кези м-н Женевада өтүп, ага 35 мамлекеттен делегат ж-а эксперттер катышкан. Анда кеңешменин күн тартиби иштелип чыккан ж-а макулдашылган. Кеңешменин үчүнчү этабы 35 өлкөнүн жогорку саясий ж-а мамл. жетекчилеринин катышуусу м-н 1975-ж. 30-июлдан 1-августка чейин Хельсинкиде өтүп, 1-августа Европаны тынчтык м-н камсыздоочу кеңешменин Корутунду актысына кол коюлган. ЕКККнын Мадрид конф-ясында (1991, апрель) ЕКККнын Парламенттик ассамблеясын (1991-ж. июль айында негизделген) түзүү б-ча чечим кабыл алынган. ЕКККны *Европадагы коопсуздук жана кызматташтык б-ча уюм (ЕККУ)* деп атоо тууралуу чечим 1994-ж. Будапештте мамлекет ж-а өкмөт башчыларынын жолугушуусунда кабыл алынган. Кеңешме эл аралык абалды жеңилдетүүнүн жаңы этабынын башталышына негиз салып, Европада түзүлгөн чек аралардын бузулбастыгын бекемдеген ж-а бүткүл континентте тынчтыкты сактоого, чындоого ынгайлуу шарт түзгөн. Ал ар түрдүү коомдук түзүлүштөгү мамлекеттердин эл аралык аренада тынчтыкта жанаша жашоосун ж-а тең укуктуулукта кызматташуусун жонго салууда алга шилтенген зор кадам болгон.

КООРДИНАТАЛАР (лат. co- – бирге ж-а ōrdinātus – иреттелген, аныкталган) – кеңдик ж-а узундук б-ча жер бетиндеги же асман сферасындагы чекиттин абалын аныктоочу чондуктар. Геогр., геод. асман К-ы болот.

КООРДИНАТАЛАР м а т е м а т и к а д а – тегиздикте, бетте же мейкиндикте чекиттин (вектордун) абалын аныктоочу сандар. Түз сызыктагы, тегиздиктеги, мейкиндиктеги чекиттин абалын аныктоочу шарттар жыйындысы К. системасы деп аталат. Астр. ж-а геогр. К. – кеңдик ж-а узундук делинип пайдаланылган. 14-к-да фр. математик Н. Орем К-ды тегиздикте график түзүү үчүн пайдаланган ж-а координата сызыктарын узундук ж-а кеңдик (азыркы абсцисса ж-а *ордината*) деп атаган. 17-к-да Р. *Декарт* К. методунун маанисин кеңири талдап, геом. масе-



1-чийме

лелерди алг. ж-а матем. анализдин тилине которгон. Тегиздиктеги чекиттин тик бурчтуу (декарт) К-ынын (1-чийме) мааниси + же – белгилери м-н белгиленген өз ара перпендикуляр Ox ж-а Oy (К. октору) эки түз сызыгынан турат. M чекитинин координаталары OM_x (x, абсцисса) ж-а OM_y (y, ордината). Мейкиндиктеги К. системасын өз ара перпендикуляр үч тегиздик аныктайт (2-чийме). Ага салыштырмалуу алынган М чекитинин абалы x, y ж-а z (апликата) К-ы м-н аныкталат. O чекити эки учурда тең К. башталмасы деп аталат. Тегиздиктеги чекиттин уюлдук К-ы төмөнкүчө аныкталат: белгиленген O (уюл) чекитинен M чекитинин OM – r аралыгы OM ж-а OP уюлдук огунун ортосундагы $POM=\varphi$ бурчу б-ча берилет (3-чийме; r – радиус-вектор, φ – уюлдук бурч). Мейкиндикте уюлдук К-дын аналогу (типтеши) болуп цилиндрдик К. ж-а сфералык К. кызмат кылат. Бетте ийри сызыктуу К. аныкталат (мис., георг. К. – сферадагы узундук ж-а кеңдик).



2-чийме



3-чийме

КООРДИНАТО́ГРАФ (*координата* ж-а *...граф*) – картага же жердин планына чекиттерди тик бурчтуу координаталары б-ча тез, так түшүрүүчү аспап. Ал XX абсцисса огунун милдетин аткаруучу сызгыч (бөлүкчөлөрдөн турган) бекитилген С станинадан (тактадан) турат. Ордината огуна дал келүүчү VV сызгычы абсцисса огун бойлой Б каретанын жардамы м-н ары-бери жылат. Ордината огу б-ча чекит саюучу ийнеси бар кичине карета М кошо жылат. Электрондук автомат К. эсептөөчү түзүлүш ж-а башкаруучу пульт экөө мурда даярдалган программа м-н негизги чекиттерди, о. эле координаттык торлордун сызыктарын чиет.

КОО-ЧАТЫ – Ош обл-нын Кара-Кулжа р-нундагы кыштак. Кызыл-Жар айыл округуна караштуу. Чычырканак суусунун боюнда деңиз деңг. 2490 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кыш-нан 110 *км* чыгыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 198 *км*. Калкы 2273 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто ж-а негизги мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар.

КОПЕНГА́ГЕН – Дания Королдугунун борбору (1443-жылдан). Эресунн булуңунун оң жээгинде, Зеландия ж-а Амагер а-нда жайгашкан. Калкы 600,0 миң (2003; Чоң Копенгаген агломерациясында 1,5 млн; өлкөнүн калкынын 30%и). Алгач 1043-жылдан Хавн (гавань) тургун жайы катары эскерилет. 1167-ж. епископ Абсалон аны айланта сепил ж-а чеп курдурткан. 1170-жылдан Копенгаген аталат. 1186-жылдан 1416-ж. чейин (үзгүлтүк м-н) Роскилльск епископтугунун курамында болгон. К. 1254-ж. шаар статусун алган. 1443-жылдан король резиденциясы. 20-к-да К. ири ө. ж-лык борборго айланган. 1940-ж. апрелде немис фашисттер басып алган, бирок 1945-ж. 5-майда бошотулган. К. – Даниядагы гана эмес Скандинавия өлкөлөрүндөгү эң ири соода-ө. ж. борбору. Машина ж-а станок куруу, металл иштетүү, электртех., хим., фарфор, текстиль, тигүү ө. ж. ишканалары иштейт. Ун-ттер, тех. жогорку мектеп, ветеринария ж-а а. ч. король жогорку мектеби, консерватория, инж., музыка, иск-во академиялары, калк китепканасы, көптөгөн музейлер (сүрөт, улуттук ж. б.) театрлар, Карлсберг жаңы глиптотекасы (скульптура топтому) бар. Шаардын эски бөлүгүнө кууш ийри көчөлөр мүнөздүү. Биржа, Росенборг аңчылар, Шарлоттенборг (17-к.), Кристиансборг (18-к.) ак сарайлары сакталган.


Амалиенборг ак сарай комплекси. 1749. Архитекторлор Н. Жарден, Н. Эйтвед.

КОПЕ́РНИК Николай (19. 2. 1473, Торунь, – 24. 5. 1543, Фромборк) – поляк астроному, дүйнөнүн гелиоборб. системасын түзүүчү. Краков ун-тинде (1491–1495) окуган. Билим алуусун Италиянын Болонья, Падуя, Феррара ун-ттеринде улантkан ж-а астрономиядан тышкары медицина, укук б-ча билим алган. 1503-ж. мекенине кайтып келген. 1512-ж. Фромборк ш-на көчүп келип, азыркы күнгө чейин сакталган өзүнүн обсерваториясында изилдөө жүргүзгөн. К. мамл. ишмер, чебер врач ж-а астроном катары белгилүү. Дүйнөнүн гелиоборб. системасын түзүү анын көп жылдык эмгегинин үзүрү болгон. Аны м-н геоборб. системадагы планеталардын кыймылы ж-дө түшүнүксүз көз караштар чечмеленген. 1543-ж. «Асман сфераларынын айланышы жөнүндө» деген жыйнагы жарык көргөн. Ал өзүнүн жыйнагында, бардык астрон. маселелерди чечүүдө жетекчи идея катары алып чыгууга аракеттенип, Птолемейдин матем. теориясын өркүндөтүүгө умтулган. К-тин тригонометриянын өнүгүшүнө кошкон салымы өзгөчө мааниге ээ. К-тин жыйнагындагы тригонометрияга арналган бөлүмү 1542-ж. өз алдынча [illegible]гачкы окуу куралы катары басып чыгарыл[illegible]. Галилей ж. б. окумуштуулар К-тин оку[illegible] улантып, өнүктүрө баштагандан кийин [illegible]доого алынган. Айдагы кратер ж-а астеро[illegible]-тин ысмынан аталган.



Ад.: *Гребеник*[illegible] А. Н. Коперник. 2-е изд. М., 1982.

КОПЕТДАГ – [illegible] ж-а Түркмөнстандын аймагындагы тоо тармагы. *Түркмөн-Харасан тоолорунун* түн. бөлүгү. Иран тайпак тоосунун түн. четинде. Уз. 650 *км*дей, туурасы 40 *км*дей (түш.-чыгышында) 200 *км*ге (түн.-батышында) чейин. Эң бийик жери 3117 *м* (Ирандын аймагындагы Хезармесжед чокусу); Түркмөнстандын аймагында 2942 *м* (Ризе чокусу). К. Жер ортолук деңиздик геосинклиналь кырчоосунун орто бийик кырка тоолорунун тармагына кирет. Бири-бирине жарыш созулуп жаткан кырка тоолору, жалдары ж-а платолору узата ж-а туурасынан кеткен өрөөндөр м-н бөлүнгөн. Негизинен чөкмө тектерден (акиташ, мергель, кумдук, конгломерат, чопо) түзүлгөн. Карст процесси өөрчүгөн (Бахарден үңкүрү). Сымап, мышьяк, бариттин кендери бар; минералдуу жылуу булактар көп. Катуу жер титирөөлөр болуп турат (мис., 1948-жылкы Ашхабад жер титирөөсү). Жер ортолук деңиздик типтеги субтропиктик ж-а кургакчыл климат өкүм сүрөт. Дарыялары агымынын көп бөлүгүндө соолуп калат. Этегиндеги түздүктөрдү ж-а тоо этектерин шыбак-эфемерлүү чөл, капталдарынын 500 *м* бийиктеги бөлүгүн кыйгак чөп-жылгындуу жарым чөл ээлейт. 1500 *м* бийикке чейин дан өсүмдүктүү субтропик талаасы, андан өйдө ак кылкан-бетегелүү талаа, арча ж-а мисте өскөн сейрек токой мүнөздүү. Копетдаг, Сюит-Хасардаг коруктары (Түркмөнстан), Тандурек улуттук паркы (Иран) бар.

КОПЁН ЧААТАС – Енисей кыргыздарынын 7–8-к-га таандык көрүстөнү ж-а ошол кездеги мадтынын негизги эстелиги. Енисей д-нын сол жээгинде, Хакасиянын Копён кыш-нын жанында жайгашкан. 1939–40-ж. сов. археологдор Л. А. Евтюхова ж-а С. В. Киселёв изилдеген. Маркумдар өрттөлүп, таш дөбөлөрдүн астына коюлган. Ал дөбөлөрдүн көбү илгери эле талоонго учураган, бирок кыргыз ак сөөктөрү коюлган чоң таш дөбөлөрдө (диаметри 20–30 *м*) эки жашыруун казанак бар экендиги аныкталган. Ал казанактардан алтындан жасалган чоң идиш, күмүш табакка салынган ж-а кооздолгон 4 алтын кумура, жаа м-н айбандарга аңчылык кылып ба-


Кыргыз чеберлери жасаган алтын кумура жана табак. VIII–IX кк. Копён Чаатас. (Алтай).

раткан чабендестин коло солөкөтү табылган. Кумуралардын экөөнүн бетинде байыркы түрк жазуулары бар. Ал буюмдарды Иран, О. Азия ж-а Кытайдын о. кылымдагы иск-восу м-н тааныш жерг. чеберлер жасаган деп болжолдонот. К. Ч-тын тарых илиминде мааниси зор.

КОРА́ЛЛ АРАЛДАРЫ, к. *Шуру аралдары*.

КОРА́ЛЛ ДЕҢИЗИ (Coral Sea) – Тынч океандагы жартылай туюк деңиз. Австралиянын, Жаңы Гвинеянын, Жаңы Коледониянын жээктерин чулгайт. Торрес кысыгы аркылуу Инди океаны м-н туташат. Аянты 4068 миң *км*². Эң терең жери 9174 *м*. Коралл (Шуру) аралдары ж-а рифтери (а. и. Чоң Тоскоол рифи) көп. Суусунун темп-расы түштүктө 19°Сден (август) 24°Сге чейин (февраль), түндүгүндө 28°Сге чейин. Туздуулугу 35,5‰. Суткасына эки жолу ташкындайт (бийикт. 7,2 *м* чейин). Башкы порттору: Кэрнс (Австралия), Порт-Морсби (Жаңы Гвинея а.), Нумеа (Жаңы Коледония а.).

КОРА́ЛЛ ДЕҢИЗИ АРАЛДАРЫ, Коралл деңизи аралдар аймагы (расмий аталышы) Австралиядан түн.-чыгышта 1 млн *км*² аянтка чачыранды жайгашкан. 18–19-к-да деңиз сүзүүчүлөр үчүн өтө олуттуу коркунуч алып келип турган. Деңиздин түбү чөккөн кемелердин кенчи жаткан жер. 1921-ж. бир аралына метеорол. станция орнотулган. 1969-ж. К. д. а-на Австралиянын аймагы деп жарыяланган. 1982-жылдан Лихоу ж-а Коринга, 1987-жылдан Элизабет ж-а Миддлтон Сейлор рифтери – улуттук корук. Арал Австралиянын мыйзамына баш ийет (сот бийлиги Норфолк а-нда). 1969-ж. аралдын курамына аралдын түбүнөн 1880 *м*² жер кошулган. Уиллс Айслет а-ндагы метеорол. станцияда иштеген метеорологдордон башка туруктуу жашаган калкы жок.

Ад.: Острова Кораллового моря// Всё о странах мира, атлас-справочник, М., 2006.

КОРАЛЛ РИФТЕРИ, к. *Шуру рифтери*.

КОРБАШЫ – 1) Кокон хандыгындагы жергиликтүү тартип сакчыларынын башчысы; 2) *басмачылардын* башчысы.

КОРГОЛ Досуев [1890, Наманган уезди, Суусамыр болушу (азыркы Жалал-Абад обл., Аксы р-ну, Токтобек-Сай айылы) – 1962, Токтогул р-ну, Токтогул совхозу] – төкмө ырчы, комузчу. Атасы Досу дыйканчылык, мергенчилик, ус-



талык м-н күн көргон чебер комузчу, энеси мыкты кошокчу болгон. К. комуз черткенди атасынан үйрөнгөн. *Ниязаалы* комузчудан таалим-тарбия алып, ырчылык өнөрү 14 жашында башталган. Кийин Токтогулдун эң жакын шакирти болгон. Аны м-н бирге жүрүп, ырчылык, комузчулук өнөрүн өркүндөткөн. Андан «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Нуржан», «Кедейкан» аттуу дастандарды үйрөнгөн. Анын «Терс кайрык», «Шынгырама коштошуу», «Кыз кербез» ж. б. күүлөрүн чебер аткарган. К-дун ырлары («Эски заман», «Ак Бакай», «Куйручукка жооп», «Терме» ж. б.) кыскалыгы, создөрүнүн курч, таамайлыгы м-н айырмаланат. К. чоң насаатчы да болгон. Т. *Тыныбеков*, А. Мундузбаев, Т. *Абдиев* сыяктуу акындар К-дун ырларынан таалим алышкан. К-дун чыгармалары бизге толук жеткен жок. Андан айтыш ырларынын, термелеринин айрымдары, Токтогулдун «Алымкан», «Терс кайрык» ж. б. ыр, күүлөрү жазылып алынган. «Опосуз дүйнө», «Ак Бакай», «Өмүрүм», «Дүйнө», «Жаш кайрык», «Айкүмүш» ж. б. обон, күүлөрдүн автору. О. эле элге кеңири белгилүү Женижок, Токтогул, Эшмамбет, Бекназар, Кулуке, Алымкул, Токтосун, Калык м-н айтыштары бар. «Ак Бакайды» комузчу Б. *Мадазимов* иштеп чыгып, классикалык күүгө айландырган. «Коргол ырчы» аттуу ырлар, айтыштар, терме, эскерүүлөр жыйнактары чыккан (1961, 1993). Анын терең философиялуу чыгармалары акындар чыг-лыгынын кайталангыс баалуу мурасы болуп калды.

Ад.: *Боконбаев Ж.* Токтогул жана Коргол ырчы// «Кызыл Кыргызстан», 1938, 11-август; *Виноградов В.* Киргизская народная музыка. Ф., 1958; *Сооронов О.* Бештин бири. Коргол Досу уулу. Коргол. Б., 1993; *Турсункан Коргол кызы.* Атам Коргол жөнүндө // Кыргыз маданияты, 1991, 26-декабрь.

КОРГОН – Баткен обл-нун Лейлек р-нундагы кыштак. Лейлек айыл округуна караштуу. Козу-Баглан суусунун боюнда, деңиз денг. 1100 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Исфана ш-нан 40 *км* чыгыш тарапта. Пролетарск (Тажикстан) т. ж. бекетинен 100 *км*. Калкы 2554 (2007); негизинен мал м-н алектенип, тамеки өстүрөт. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү, мечит, ФАП бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү иштейт.

КОРГОН – Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нундагы кыштак. Авлетим айыл округуна караштуу. Чаткал кыркa тоосунун түш.-чыгыш этегинде, Авлетим суусунун сол ойүзүндө, деңиз денг. 1114 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кербен ш-нан 25 *км* чыгыш тарапта. Шамалды-Сай т. ж. бекетинен 90 *км*. Кыштак 1930-ж. негизделген. Калкы 630 (2008); негизинен мал ж-а дыйкан чарбасында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП, мончо бар. Темир иштетүүчү устакана, сут ж-а электр тегирмендер иштейт.

КОРГОН-ДӨБӨ, Жаны-Талап – Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нундагы кыштак. Ак-Суу айыл округуна караштуу. Деңиз денг. 1070 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кербен ш-нан 80 *км* чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 35 *км*. Кыштак 1930-ж. негизделген. Калкы 1630 (2007); негизинен мал чарбасы м-н алектенип, дыйканчылыкта эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, медпункт бар.

КОРГОН КҮКҮРТ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нунда, Коргон суусунун баш жагында, деңиз денг. 2300–2800 *м* бийикте. 1937-ж. табылган. Туурасы 6 *м*ден 70 *м*ге, уз. 6–135 *м*ге жетет. Мында 12 сульфиддүү кенташ бар. 1300 *м*ге созулган кенташ аймагы акиташ теги м-н аргиллиттин чегинде жайгашкан. Сульфид кенташындагы күкүрт 15–30%ке жетет. Запасы C_2 категориясы б-ча 400 мин *т*.

КОРГОН ПОЛИМЕТАЛЛ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нунда. Талас ш-нан 45 *км* түш. тарапта, Талас Ала-Тоосунун түш. капталында, Узун-Акмат суусунун башында, деңиз денг. 2400–2700 *м* бийикте жайгашкан. Кен жерг. элге эзелтен белгилүү, анткени байыркы казмалардын орду кезигет. Кендин геол. маалыматтары 1936-ж. белгилүү болуп, 1954–55-ж. чалгындалган. Айланасында (3–5 *км* аралыкта) геол. түзүлүшү бирдей Чат-Карагай, Кеншаник, Кен-Тор, Коргоншаник кендери жайгашкан. Анын аймагын кембрийге чейинки ж-а алгачкы палеозойдогу жанартоо чөкмөлөрү, аларды жиреп чыккан кычкыл ж-а негиздүү интрузиялар түзөт. Жанартоо чөкмөлөрү бүктөлүүгө учурап, түн.-батышка багытталган антиклиналдык томпок түзүлүштү пайда кылат. Кенде 28 кенташ тулкусу табылган. Алар антиклиналдын ийилген жерине топтолуп, уз. 1360 *м* ири кенташ аймагына айланган. Айрым кенташ тулкусу бири-биринен 10–100 *м*ге чейинки аралыкта жатат. Калыңдыгы 5–75 *м*, уз. 6–200 *м*. Курамы б-ча сфалериттүү пирротин, галениттүү пирротин-сфалерит, пирротиндүү галенит-сфалерит, пирротин-арсенопирит, карбонат-полиметалл сыяктуу 5 топко бөлүнөт. Кенташта коргошун, цинк, калай, мышьяк, сурьма, висмут, индий, галлий ж-а сейрек учуроочу элементтер бар. Гидротерм жолу м-н пайда болгон. Кен 1951–54-ж. «Свинецразведка» трестинин Коргон рудниги тарабынан жер астынан казып алынган. Кирешелүү болбогондон кийин токтотулган.

КОРГОНУУ – душмандын артыкчылык кылган күчүнүн чабуулун майтаруу, аны жоготууларга учуратуу, өзүнүн эзелеген позициясын сактап калуу ж-а чечкиндүү чабуулга өтүүгө шарт түзүү максатында колдонулуучу согуш аракеттеринин бир түрү. К. чабуул коюуга мүмкүн болбогон же максатка ылайык келбеген учурларда колдонулат. Убакытты утууга, бир багыттагы күчтөрдү ж-а каражаттарды үнөмдөөгө, аны м-н башка багыттарда ж-а участкаларда чабуул коюуга шарт түзүү мүмкүндүк берилет. Аскер бөлүкчөлөрү м-н бөлүктөрүнүн алдына коюлган милдеттерге ж-а анын күчүнө жараша К-нун стратегиялык, оперативдүү же тактикалык мааниси болот. Кургактагы аскер бөлүкчөлөрүнүн ж-а бөлүктөрүнүн К-су туруктуу ж-а активдүү, ядролук ж-а танкага каршы согушка, жапырт кыргын куралдарына, авиациянын соккусуна, артиллериянын атууларына туруштук берүүгө жөндөмдүү болууга тийиш. Бөлүкчөлөрдүн ж-а бөлүктөрдүн К-га өтүүсү душман м-н түздүн-түз кагылышуунун же кагылышпоонун шартында өтүшү мүмкүн. Азыркы К-нун инж. жабдуулары К-дагы бөлүкчөлөрдү, анын турган жерин жапырт кыргын куралдарынан, артиллерия ж. б-дын соккусунан жашырууга тийиш.

КОРГОНУУ ЗАРЫЛДЫГЫ – кылмыштуулукту жокко чыгаруучу (актоочу) жагдайдын бири. К. з. чегинен ашпаса, анда мыйзам ченемдүү болуп эсептелинет. К. з-нын шарты б-ча: 1) коргонуу чегинен чыкпастан, кол салуучуга зыян келтирүү жолу м-н адам, коом ж-а мамлекеттин кызыкчылыгын кол салуудан коргоо керек; 2) кол салуу коомго коркунучтуу болууга тийиш. Кол салуу жүрүп жатканда же түздөн-түз, реалдуу коркунуч туулганда ж-а кол салуу аныктолгондо гана К. з. келип чыгышы мүмкүн. Ал кол салуунун белгилери ж-а коркунучтун туулушуна карата аныкталып, ошого жараша жеңилдетүү же оордотуу жазалары каралат.

К. А. Бодобаев.

КОРГОНУУ КАРАЖАТТАРЫ – тышкы чөйрөнүн жагымсыз факторлорунан (чан, газ, буу, нурлануу, радиоактивдүүлүктүн жогорулашы, уу химикаттардан ж. б.) ж-а душмандын жапырт кыргын куралдарынан коргоочу каражаттар. К. к. жеке ж-а коллективдүү болуп бөлүнөт. Жеке К. к-на атайын кийим (костюм, комбинезон, халат, ич кийим, алжапкыч, жен кап ж. б.), кол кап, бут ж-а баш кийим, көз айнек, дем алуу органдарын коргоочу аспаптар (противогаз, респиратор) ж. б., коллективдүү К. к-на жашырына турган ж-а калкалануучу жайлар кирет. Калкты жапырт кыргындан коргоо үчүн жашына турган жайлар айрым мамлекеттерде экинчи дүйнөлүк согуштун (1939–45) алдында курула баштаган. СССРде бомбадан ж-а газдан коргонуу жайларын Абадан коргонуунун (ПВОнун) жерг. уюмдары көзөмөлдөгөн. Коргонуу үчүн *жер төлөлөр*, Москвада метрополитен станциясы пайдаланылган, о. эле атайын имараттар курулган. Жашынуучу жайлар элди ядролук жарылуунун бузуучу факторлорунан (согуу толкуну, өтмө радиация ж-а жарык нурланыу), ууландыруучу заттардан ж-а бактериялык каражаттардан, ысыктан коргойт. Алар имараттын төмөнкү бөлүгүнө же темир-бетондон атайы жасалат. Тынчтык мезгилинде алар гараж, кампа, коомдук тамак-аш мекемеси, турмуш-тиричилик имараты катары пайдаланылат. Жер астындагы курулуштар (метрополитен, тунелдер, көчө өткоолдорү) зарыл учурда жашынуучу жай катары пайдаланылат. Радиацияга каршы калкалануучу жай катары имараттын жер үстүндөгү бөлүгү, жер төлөлөр, шахталар ж-а темир-бетон, саман, жыгач, ылайдан жасалган атайын курулуштар колдонулат. Анда санитариялык түйүн, суу запасы ж-а тамак-аш үчүн орундар даярдалат. Алар табигый жол м-н же атайын аспаптардын жардамы м-н желдетилет.

КОРГОНЧУ ЧОПО КЕНИ, Кызыл-Сай кени Баткен обл-нун Лейлек р-нунда. Сүлүктү ш-нан 5 *км* түш. тарапта, Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде. 1965-ж. табылган. Кен аймагын палеоген-неоген мезгилинде пайда болгон чокмо тоо тектер түзөт; коп жерин антропоген чөгүндүлөрү жаап калган. Кен каражын боз түстөгү чопонун линза сымал катмарынан турат. Анын калыңдыгы 7–8 *м*, уз. 1500 *м*. Запасы 4237 мин *т*. Чопо «100» маркасындагы кыш даярдоого жарамдуу. Кен Сүлүктү ш-ндагы кыш з-дунда пайдаланылат.

КОРГОО ФОНДУСУ – *Улуу Ата Мекендик согуш (1941–45)* мезгилинде фронттун муктаждыгы үчүн мурдагы СССР эмгекчилеринин ыктыярдуу топтогон акчалай ж-а материалдык каражаты. К. ф-на демилге көторгондордун бири, колхозчу Ф. П. Головатый (Саратов обл.) согуш самолётун курууга 100 мин сом берген (1942). 1941–45-ж. К. ф-нун жалпы каражаты 16,0 млрд сомго жеткен (Кызыл Армия фондусу м-н). Мындан тышкары ага мамл. заёмдун 4,5 млрд сомдук облигациясы ж-а чет олколук конумчадан 15,8 млн сом акча түшкөн. Кырг-ндын эли согуш жылдарында К. ф-на танк, самолёт куруу үчүн 189 млн сомдон ашык акча жонотүп, 57,3 млн сомдук мамл. заёмдун облигацияларын сатып алышкан. Кырг-ндан фронтко 195 вагон азык-түлүк, 550 миң жылуу кийим, 38 миңден ашуун жекече посылкалар жонотүлгөн. Кырг-ндын колхоздору м-н совхоздору К. ф-на пландан тышкары 4,5 млн пуд эгин, 500 мин пуд эт откорүшкөн. З. Өмүрзакова (130 мин), Э. Кулмамбетова (106 мин), Ү. Жаныбаев (50 мин), О. Кулматов (50 мин), К. *Ботугуров* (48 мин), О. *Жаңыбаев* (40 мин) ж. б. ондогон кырг-ндыктар согуш техникасын курууга ак-

чалай ж-а материалдык салымдарын кошкон. Кырг-ндын эмгекчилеринин каражатынан куралган «Советтик Кыргызстан» танк колоннасы Сталинград салгылашуусуна катышкан.

КОРГООЧУ ТОКОЙ – түрдүү объектилерди табияттын ынгайсыз шарттарынан коргоочу табигый ж-а атайын өстүрүлгөн токой. Бардык токой ар кандай даражада коргоо милдетин аткарат. Ал климатка, жердин үстүнкү катмарынын хим. курамына оң таасир тийгизет. Бийик тоолуу жерде өскөн токой кар көчкүдөн, селден, тоо топурагын эрозиядан, чөлдүү жерлердин чет жакаларындагы токой пайдаланып жаткан а. ч. жерин шамал учуруп келген кумдан коргойт, дарыя жээгиндеги токойлор суунун жерге сиңишин жакшыртып, жер астындагы суунун запасын толуктайт, көлмө жээгиндеги токой балык урук таштоого жакшы шарт түзөт. Токой топуракты эрозиядан, шамалдын а. ч-на тийгизүүчү терс таасиринен сактап, абаны ар кандай чаңдан тазартат ж. б. К. т. жол, канал ж. б. объектилерди шамал учуруп келген кар, кум ж. б-дан сактайт, жер кыртышынын эрозияга учурап, аң-коктулардын пайда болушуна жол бербейт; катуу шамалды басаңдатат.

КОРГОШУН (лат. Plumbum), Pb – *элементтердин мезгилдик системасынын* IV тобунан орун алган хим. элемент, ат. н. 82, ат. м. 207,19. Табиятта туруктуу 4 изотобу бар: ^{204}Pb, ^{206}Pb, ^{207}Pb, ^{208}Pb. Акыркы 3 изотобу радиоактивдүү элементтердин ажырашынан пайда болот. Жер кыртышында массасы $1,6 \cdot 10^{-3}$% ти түзөт. К. таза түрүндө да учурайт. Маанилүү минералы – галенит. PbS (коргошун жалтырагы) бардык сульфиддик кендерде кездешет. К.– жумшак, иштетүүгө ж-а чоюлууга ийкем, боз түстөгү металл; тыгызд. 11,34 *г/см*^{3} (20°), б. эрүү t 327,4°С; кайноо t 1745°С. Ал оной кесилет ж-а жукарат. Кадимки шартта атм-нын таасирине ж-а бир топ хим. реагенттерге (суу, аммиак, сода, күкүрт, туз к-таларынын суюлтулган эритмелери ж. б.) туруктуу. Суюлтулган к-таларда эрибейт. Азот, уксус к-таларында, щелочтун эритмесинде жакшы эрийт. Туз, күкүрт к-таларында эрибейт. Кадимки шартта абада үстүнкү бети гана окистенет да, андан аркы кычкылдануудан коргоочу жука катмар PbO пайда болот. Ысытканда *галогендер, күкүрт, селен, теллур* м-н түздөн түз аракеттенет. Хим. бирикмелеринде II валенттүү (IV валенттүүлүк да мүнөздүү). Эки валенттүү К. сууда эрий турган нитраттарды, хлораттарды, ацетаттарды, начар эрий турган хлориддерди, фториддерди ж-а эрибей турган хроматтарды, фосфаттарды, карбонаттарды, молибдаттарды, сульфиддерди пайда кылат. К-ду тазалоодо электролит катары кремний фториди пайдаланылат. К-дун (IV) бирикмелери анча туруктуу эмес. К-ду алуунун негизги сырьёсу болуп К. жаркырагы PbS эсептелет. Маанилүү бирикмелери – К. оксиддери PbO, PbO_2, Pb_2C_4, сульфиди PbS, нитраты $Pb(NO_3)_2$, хроматы PbCrO, тетратил коргошун $Hb(C_2H_5)_4$ ж. б. К. рудаларынан алынат. К. тех. кабелдерди, аккумулятор пластинкаларын даярдоодо, күкүрт к-тасын өндүрүүчү заводдо аппаратуралардын негизги болүктөрүн даярдоодо, куймаларды алууда (басмакана куймалары ж. б.), гамма ж-а рентген нурларын жакшы өткиргендиктен, радиоактивдүү заттар м-н иштөөдө алардан сактанууда, тетраэтил К-ду өндүрүүдө колдонулат. К-дун бардык эрүүчү бирикмелери – уу. Дем алуу жолдору, ичеги, карын аркылуу организмге кирип, булчундарга, бөйрөккө, соокко чогулат. Уулануу болгондо, ич ооруп, кан басымы жогорулап, аз кандуулук, полиневрит байкалат, шал болуу да мүмкүн.

КОРГОШУН КЕНТАШЫ, к. *Полиметалл кенташтары.*

КОРДЕБАЛЕ́Т (фр. corps de ballet, corps – оздук курам ж-а ballet – балет дегенден) – операда, балетте, опереттада ж. б-да массалык бийлерди аткаруучу ансамбль. Азыркы балетте элдик массалык сценанын кенири иштелип чыгышы К-тин ролун күчөттү. 19-к-да К-те аялдар гана бийлесе, 20-к-да жигиттерден турган К. да зор мааниге ээ болду.

КОРДИЕРИ́Т (француз геологу П. Кордьенин атынан), иолит, дихроит – силикаттар тобуна кирүүчү минерал. Хим. формуласы $(MgFe)_2Al_3[AlSi_5O_{18}]$. *Ромб системасында* кристалланат. Өңү бозомук көк, көгүш, кээде түссүз,



Кордиерт плехроизми.

айнектей жалтырайт. Катуулугу *Моостун шкаласы* б-ча 7–7,5. С. салм. 2,53–2,78. Алюминий м-н магнийге бай тоо тектердин контакттуу метаморфизм процессине дуушар болушунан келип чыгат. Молтүрөгөн түссүз тунук түрү асыл таш катары зергерчиликте колдонулат.

КОРДИЛЬЕ́РА ТООЛОРУ (исп. Cordilleras – тизмек) – Жер шарындагы эң узун тоо тармагы. Түн. ж-а Түш. Американын батыш четтери м-н 66° түн. кеңдиктен (Аляскадан) 56° түш. кеңдикке (Оттуу Жер а-на чейин) узата созулуп жатат. Уз. 18 миң *км*ден ашык, туурасы Түн. Америкада 1600 *км*ге, Түш. Америкада 900 *км*ге чейин. Канада, АКШ, Мексиканын, Борб. Америкадагы олколордун, Венесуэла, Колумбия, Эквадор, Перу, Боливия, Аргентинанын ж-а Чилинин аймагында жайгашкан. Тынч ж-а Атлантика океандарынын алаптарынын суу бөлгүчү, о. эле климаттык чек болуп саналат. Бийикт. б-ча Гималайдан ж-а Борб. Азиядагы тоо системаларынан гана кийин турат. Эң бийик чокулары: Түн. Америкада Мак-Кинли (6193 *м*), Түш. Америкада Аконкагуа (6960 *м*). К-нын бүт системасы экиге болүнөт – *Түндүк Америка Кордильерасы* ж-а *Түштүк Америка Кордильерасы* же *Анд тоолору.* Тоо пайда болуу процесстери Түн. Америкада юра мезгилинде, Түш. Америкада бор мезгилинин аягында аяталган ж-а башка материктердеги тоо пайда болуу процесстери м-н тыгыз байланышта болгон (мис., *Альп буктолүүсүнө*).

КО́РДОВА – Аргентинадагы шаар. Кордова провинциясынын адм. борбору. Пампа табигый обл-нун (бийикт. 360–480 *м*) чегинде жайгашкан. Калкы 1,5 млн (2009; агломерациясында 1,8 млн). Калкынын саны б-ча Буэнос-Айрестен кийинки 2-шаар. Эл аралык аэропорту бар. Шаар 1573-ж. негизделген. Шаардын эски болүгүндө колониялык мезгилдеги курулуштар (а. и. собор; 1573), чиркөөлөр сакталган. Иезуит курулуш комплекстери (а. и. Улуттук ун-ттин имараты) *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. К-да ири банктар, «Intel», «Motorola» корпорацияларынын филиалдары жайгашкан. Авиа (а. и. реактивдүү самолёт ж. б.) ж-а машина (фр. «Renault», итал. «FIAT», «Iveco», германиялык «Volkswagen») куруу, тамак-аш, текстиль, булгаары–бут кийим, эмерек о. ж. ишканалары, уран байытуучу з-д иштейт. Улуттук ИА, ун-ттер (а. и. Католик, 21-кылым ж. б.), ин-ттар, пинакотека, сүрөт галереясы, музей бар. Зоология ж-а ботан. бак уюштурулган.



Ыйык Тереза чиркөөсү.

КО́РДОВА – Испаниядагы шаар. Кордова провинциясынын адм. борбору. Сьерра-Морена тоосунун этегинде, Гвадалквивир д-нын боюнда жайгашкан. Калкы 327,8 миң (2009). Шаар аркылуу жогорку ылдамдыктагы Мадрид – Кордова – Малага т. ж. магистралы өтөт. Аэропорту бар. Түстүү металлургия, машина куруу, тамак-аш – татымал, текстиль о. ж. ишканалары иштейт. Ун-т, музейлер бар. 756–929-ж. Кордова эмирлигинин, 929–1031-ж. Кордова халифатынын борбору болгон. Собор [13-к-га чейин мечит (785-ж. курула баштаган); дүйнөдөгү эң ири], роман стилиндеги Сан-Пабло (13-к.), Сан-Николас (13-к.) чиркөөлөрү, Кармен Кальсадо чиркөө монастыры (16-к.) сакталган. Шаардын тарыхый болүгү *Бүткүл дүйнөлүк мурас*тын тизмесине киргизилген. Королдор ИА, ин-т, ун-т бар. Жыл сайын музыка фестивалы өткөрүлүп турат. Ботан. бак уюштурулган.



Альминар конгуроолуу мунарасы.

КО́РДОВА ХАЛИФАТЫ – Пиреней ж. а-ндагы мамлекет. Омейя Абд ар-Рахман I Аббасиддерден Испанияга качып келип, 756-ж. Кордова эмирлигин түзгөн. Эмирлик 9-к-дын аягында айрым феод. эзликтерге болүнүп кеткен. 929-ж. өзүн халиф деп жарыялаган Абд ар-Рахман III мамлекеттин саясий биримдигин калыбына келтирип, Кордованы көз каранды эмес мамлекет деп жарыялаган. Абд ар-Рахман III нүн мезгилинде К. х-нда 3000ден ашык мечит пайда болуп, жарым млндой калкы м-н мусулмандардын рухий борборуна айланган. К. х-нын Кордова, Гранада ж-а Севилье ш-нда укук, философия, ад-т, математика, медицина, астрономия, тарых ж-а география сабактарын окуткан мектептер салынган. К. х. 945-, 955-ж. Византияга, 955-, 969-ж. Германияга элчилерин жиберип, мамиле түзүп турган. 10-к. – К. х-нын гүлдөп турган мезгили. Шаарлардын, элдин саны көбөйүп, кеме куруу, тоо-кен о. ж. өнүккөн. К. х. 11-к-дын башында феод. бүлгүнгө учурап, майда эмирликтерге болүнүп кеткен. К. х-нын коргүктүү башкаруучулары: Абд ар-Рахман III (912–61), аль-Хакам II (961–76), Хажиб Мухаммед ибн Абу Эмир аль-Мансур (976–1002).

Ад.: *Крачковский И. Ю.* Арабская культура в Испании. М.; Л., 1937; *Леви-Провансаль Э.* Арабская культура в Испании. М., 1967.

КОРДОО ЫРЛАРЫ – элдик оозеки чыг-лыктагы *каада-салт ырларынын* түрү. К. ы. кыргыз элинин патриархалдык-феодалдык, уруучулук турмушуна байланыштуу жаралган чыгармаларда коп кездешет. Жанрдын бул түрү бир уруу м-н же бир манап м-н экинчи манаптын кол ырчыларынын айтышында кенири колдонулган. К. ы-н акындардын бардыгы эле бирдей дара-

жада ырдай албайт, ар бир акын эстетикалык багытына, табитине, дараметине, сөз тапкычтыгына жараша поэтикалык мүмкүнчүлүгүн ачып берет. Кыргыз акындарынан Калмырза К. ы-н жаратууга шыктуу болгондугу «Калмырза менен Найманбайдын айтышы», «Калмырза менен Эшманбеттин айтышы», «Калмырза менен Барпынын беттешүүсү», «Калык менен Калмырзанын ырдашканы» ж. б. чыгармаларында даана байкалат.

КОРЕЙ ЖАЗУУСУ – *корейлер* колдонгон тамга-муун жазуусу. 1444-ж. ойлонуп табылган. К. ж. жогортон төмөн же өндөн солго карай

Үнсүздөр		Үндүүлөр	
Графема	Транскрипция	Графема	Транскрипция
ㄱ	к	ㅏ	а
ㄴ	н	ㅑ	я
ㄷ	т	ㅓ	ŏ
ㄹ	р/ль	ㅕ	иŏ
ㅁ	м	ㅗ	о
ㅂ	п	ㅛ	ё
ㅅ	с	ㅜ	у
ㅇ	„дудун" же ц	ㅠ	ю
ㅈ	ч	ㅡ	ы
ㅊ	чх	ㅣ	и
ㅋ	кх	ㅐ	э
ㅌ	тх	ㅒ	йя
ㅍ	пх	ㅔ	е
ㅎ	х	ㅖ	йе
ㄲ	кк	ㅚ	ве
ㄸ	тт	ㅟ	ви
ㅃ	пп	ㅢ	ый
ㅆ	сс	ㅘ	ва
ㅉ	чч	ㅝ	вŏ
Мүүндардын мисалдары: 이, 글, 형, 타, 임		ㅙ	вэ
		ㅞ	ве

жазылат. Кийинчерээк горизонталь багытта солдон онго карай жазуу ыгы көп колдонула баштаган. 1949-жылдан КЭДРде К. ж. гана, Түш. Кореяда корей-кытай жазуусу колдонулат. Азыркы корей алфавитинде 40 графема бар. Орфографиясы негизинен морфол. принципте түзүлгөн.

КОРЕЙ ЖАРЫМ АРАЛЫ Азиянын чыгышында. Чыгышынан Япон деңиз[illegible] түштүгүнөн Корей ж-а Чежу кысыктары, [illegible]тышынан Сары деңиз м-н чулганат. Жарым [illegible]ралда КЭДРдин басымдуу бөлүгү ж-а Корей [illegible]п. жайгашкан. Уз. 600 *км*дей. Аянты 150 м[illegible] *км*² чамасында. Тоолуу рельеф басымдуу; эң [illegible]як жери 1915 *м* (Чирисан чокусу); батышы д[illegible]лүү түздүк. Чыгыш жээги тик, начар тилме[illegible]ген; батыш ж-а түш. жээктери – кокту-коло[illegible]өрөөндүү. Климаты муссондук. Январдын ор[illegible] темп-расы түндүгүндө – 21°Сден, түштүгүндө 4°Сге чейин, июлдуку 22–26°С. Жылдык жаан-чачыны 900–1500 *мм*. Дарыялардын суусу мол; ирилери: Амноккан (Ялуцзян), Тумантан (Тумыньцзян), Тэдонган, Кымган ж. б. Жазы жалбырактуу, түштүгүнө дайыма жашыл субтропик токойлору мүнөздүү. Улуттук парктары: Хангё, Чирисан, Сараксан ж. б. (Корей Респ-нда); резерваттары: Хвангпо, Янгам ж. б. (КЭДРде). Түздүктөрүндө шалы, буурчак, гозо (пахта) өстүрүлөт. Вольфрам, гранит, магнезит кендери бар.

КОРЕЙ КЫСЫГЫ Корей ж. а. м-н Япон а-нын (Ики, Кюсю ж-а Хонсю а-нын түш.-батыш чети) аралыгында жайгашкан. Япон деңизин Чыгыш Кытай деңиз м-н туташтырат. Уз. 324 *км*, жазылыгы 180 *км*, эң тайыз жери фарватерде 73 *м*. Цусима а. экиге – Чыгыш ж-а Батыш өткөөлдөрүнө бөлөт. 1904–05-ж-дагы орус-япон согушу мезгилинде К. к-нда 1904-ж. 1(14)-августта япон ж-а орус крейсер эскадраларынын ортосунда кармашуу болгон.

КОРЕЙ СОГУШУ – 1950–53-ж. Түш. ж-а Түн. Кореянын ортосундагы согуш. Түн. Корея Кытай ж-а СССР м-н Түн. коалицияны, Түш. Корея АКШ, Улуу Британия ж. б. мамлекеттер м-н Түш. коалицияны түзгөн. 1910–45-ж. Корея Япониянын колониясы болгон. 1945-ж. августта СССР Корей ж. а-нын түн. аймактарына, АКШ түш. аймактарына кирип, Кореяны экиге бөлүшкөн. 1945-ж. декабрда АКШ м-н СССРдин ортосунда Кореяны башкаруу б-ча келишим түзүлгөн. Түш. Кореяда Ли Сын Ман баш болгон антикоммунисттик өкмөт, Түн. Кореяда *Ким Ир Сен* жетектеген коммунисттик өкмөт түзүлгөн. Кореянын экиге бөлүнүшү убактылуу көрүнүш катары эсептелип, АКШ м-н СССРдин ортосунда башталган *кансыз согуш* Корей ж. а-ндагы абалды өзгөрттү. 1950-ж. 25-июнда Түн. Кореянын аскерлери СССРдин колдоосу м-н Түш. Кореяга кол салган. Согуштун башталышында СССР м-н Кытайдын колдоосу аркылуу Түн. Кореянын куралдуу күчтөрү Түш. Кореяга караганда басымдуулук кылган, бирок кийинки жылдары Түш. Кореяга АКШ ж-а ООНго кирген айрым мамлекеттер жардам бере баштагандыктан, Түш. Корея күч ала баштаган. 1950-ж. 20-октябрда түш. кореялык күчтөр Корей Элдик Демокр. Респ-нын (КНДР) борбору – Сеул ш-н алган. 1951-жылдын июнь айында согуш оор абалга келген. 1953-ж. Сталин өлгөндөн кийин, Түн. Корея союздаштарынан ажырап, согуш аяктаган. Фронттун чеги 38-параллелден өтүп, чийимдин тегереги демилитаризацияланган зона (ДМЗ) деп жарыяланган. Бул чек араны түн. жагынан КНДР аскерлери ж-а түш. аймактарын түш. ко[illegible]лык ж-а амер. аскерлер кайтарат. Бүгүнкү [illegible]го чейин эки тараптан тең тынчтык келишим [illegible]үлгөн эмес ж-а Түш. Кореяда АКШ өзүнүн аск[illegible] күчтөрүн карман турат.

КОРЕЙ ТИЛИ – [illegible]*ейлердин* тили. Корей ж. а-на, КЭР, Япо[illegible], АКШ, Россияга тараган. К. т. обочолонмо т[illegible]дердин бири. Анын пайда болушу ж-дө түрдү[illegible]жомолдор бар. К. т-н окумуштуулар тунгус-манжур тил тобуна киреринн далилдешкен. К. т. 6 диалектиге бөлүнөт: түн.-чыгыш [Түн.-Чыгыш Кытайдагы корей говорун кошкондо], түн.-батыш, борб., түш.-чыгыш, түш.-батыш ж-а Чежудо аралынын диалекти. К. т. – агглютинациялама тил. 19-к-дын аягына чейин жазма адабий тили ханмун болгон. Корей адабий тили борб. диалектидеги сеул говорунун негизинде калыптанган.

КОРЕЙЛЕР [өздөрүн Корей Респ-нда хангук-сарам, Корей Элдик Демократия Респ-нда (КЭДР) ч о с о н - с а р а м деп аташат) – эл, Корея Респ-нын (46,9 млн) ж-а КЭДРдин (23,7 млн) негизги калкы. Жалпы саны 78 млн киши, а. и. Кытайда 1,9 млн, Японияда 700 миң, АКШда 1,5 млн, Өзбекстанда 250 миң, РФте 148,6 миң, Казакстанда 99,7 миң, Кырг-нда 19 миң, Тажикстанда 14 миң (2008). Корей тилинде сүйлөшөт. Чыгыш Азиядагы байыркы элдердин тукумдарынан. К-дин этностук негизин палеоазиат, протоалтай ж-а австронезия уруулары түзгөн. 10–14-к-да эл болуп калыптанган. К. дыйканчылык, мал чарбачылык, жибекчилик ж-а балык кармоочулук м-н кесиптенип, дубалы жыгачтан салынып, ылай м-н шыбалган үйлөрдө жашашкан. Үйдүн ичи корей тибинде салынган өндөль (мештин мору полдун алдына салынгандыктан, жылуу полго укташат) аркылуу жылыйт. Бул система көп кабаттуу үйлөрдө да колдонулат. Эркектери ак түстүү шым, көйнөк, улгайгандары кышкысын мех чыптама же узун халат (трумаги), аялдар узун жөндүү, кыска чыптама (чогори), кенен тигилген ыштан ж-а юбка



(чхима), о. эле европа стилинде кийимдерди кийип, кур курчанат. Тамак-ашы негизинен тузсуз, бууга бышкан күрүч, ачуу татымалдар, эт (чочко, кээде ит), балык, туздалган жашылчалар. Күрүчтөн жасалган аракты жылытып ичишет.

КОРЕ́Я (корейче Чосон) – Чыгыш Азиядагы 1948-ж. чейин өкүм сүргөн. мамлекет. Корея ж. а-нда, ага туташ материк бөлүгүндө жакынкы аралдарда жайгашкан.

Тарыхы. Пхеньян ш-на жакын аймактардан табылган Комынмору, Кымпхари тургун жайлары, Тэхёндон үңкүрү ж. б. Корея ж. а-нда палеолит доорунда эле адам жашагандыгын далилдейт. Б. з. ч. 1-к-да К. аймагында уруу союздары түзүлүп, анын негизинде феод. мамлекеттер – Когурё, Пэкче ж-а Силла (б. з. 1–7-к.) пайда болгон. 6-к-дын ортосунда Корей ж. а-на үстөмдүк кылуу үчүн бул мамлекеттердин ортосунда күрөш башталган. Силланын башкаруучулары Кытайдын Тан империясы м-н келишим түзүп, 660-ж. Пэкчени, 668-ж. Когурёни караткан. Бириккен Силла Кытай м-н саясий, экон. ж-а маданий жактан тыгыз байланышта болуп, башкаруу ж-а жер иштетүү системасы кытай үлгүсүндө уюшулган. 8–9-к-да конфуцийлик билим берүү системасы ишке ашып, корей элдик тили ж-а мад-ты калыптана баштаган. 9–10-к-да Бириккен Силла мамлекетинде бытырандылык башталып, анын аймагында Тхэбон (901), Корё, Хупэкче (900) ж. б. мамлекеттер негизделген. 936-ж. Корё башкаруучусу Ван Гон өлкөнү кайрадан бириктирген. 993, 1010–11, 1018–19-ж. Корёго жасаган кидандардын тынымсыз жортуулдарынын мизи майтарылган. Өлкөдө кол өнөрчүлүк, соода өнүгүп, монета чыгарылган. 992-ж. конфуцийлик жогорку мектеп ачылган. 12-к-дын 1-жарымынан Корё начарлай баштаган. 1170-ж. аскер төңкөрүшүнөн кийин бийлик (1270-жылга чейин) аскер төрөлөрүнүн колуна өткөн. 1231–59-ж. Корёну моңголдордун Юань династиясы караткан. 1356-ж. ван Конмин моңголдорду өлкөдөн куун чыккан, бирок алар узак убакыт Корёго таасир тийгизип турган. 1392-ж. кытайлардын колдоосуна ээ болгон аскер башчысы Ли Сон Ге жаңы Ли династиясын негиздеп, ал башкарган мамлекет Чосон («Таңкы серүүн өлкө») деп аталган. Борбору Хансон ш-на (азыркы Сеул ш.) көчүрүлгөн. 15-к-дын 1-жарымында Улуу Сежон башкарган мезгилде мамлекет гүлдөп, корей фонет. алфавити чоным (окумуштуулар Чон Пин Джи ж-а Сон Сам Мун) түзүлүп, китеп чыгаруу өнүккөн. 16-к-дын башында чосон ак сооктөрүнүн бийлик үчүн өз ара күрөшү курчуп, 1580-ж. өкмөткө каршы бир нече топ түзүлгөн. Имчжин согушу (1592–98) да борб. бийликтин кризисин күчөткөн. Корей эли боштондук согушка көтөрүлүп, япон баскынчыларын талкалаган. 1627- ж-а

1636-жылдарда маньчжурлар К-га кол салып, 1637-ж. Цинь династиясынын вассалына айландырган. 18-к-дын 2-жарымында К-нын экон. өнүгүшү токтогон. Жерлер ак сөөктөрдүн колуна өтүп, эзүү күчөгөн, дыйкандардын социалдык абалы начарлаган, 1811–12-ж. Пхёнан провинциясында, 1813-, 1815-, 1833-ж. Сеулда дыйкандардын көтөрүлүштөрү чыккан.

19-к-дын ортосунан К-га чет мамлекеттер кызыга баштаган. К. 1876-ж. Япония, 1882-ж. АКШ, 1883-ж. Улуу Британия ж-а Германия, 1884-ж. Италия ж-а Россия, 1886-ж. Франция м-н басмырлаган тең укуксуз келишимдерине кол койгон. Натыйжада эл массасынын чет элдиктерге ж-а өкмөткө каршы нааразылыгы күчөп, 1882-ж. 23-июлда Сеулда ири көтөрүлүш чыккан. Кытайлар ушундай абалдан пайдаланып, өлкөнүн ички иштерине кийлигишип, өз бийлигин орнөткөн. Кытайлардын зомбулугуна нааразы болгон Ким Ок Кюн баштаган топ япондордун колдоосуна таянып, 1884-ж. декабрда мамл. төңкөрүш жасаган. Бирок эки күндөн кийин, бийликти кайра кытайлар тартып алган. 1885-ж. апрелде Кытай м-н Япония Тяньцзинь келишимине кол коюшуп, К. аймагынан япон ж-а кытай аскерлери чыгарылган. 1890-жылдары өлкөнүн экономикасында чет элдиктер, биринчи иретте япон соодагерлери ж-а ишкерлер маанилүү роль ойногон. Чет элдик соодагерлер корей базарын өздөрүнүн товарлары м-н толтуруп, өлкөдөн а. ч. азыктарын (күрүч, буурчак), о. эле алтын, күмүштөрдү ташып кетип турушкан. 1893–94-ж. чет элдик зомбулукка ж-а өкмөткө каршы дыйкандардын көтөрүлүшү чыккан. 1894-ж. июнда Корей өкмөтү көтөрүлүштү басыш үчүн Кытайдан жардам сураган. Япония Кытай бийлигин Тяньцзинь келишимин бузду деп күнөөлөп, 1894-ж. 25-июлда Асан аймагында кытай аскер кемелерине кол салган. 1894–95-ж. Кытай-япон согушу Симоносеки келишимине (1895) кол коюу м-н аяктап, Кытай К-нын үстүнөн болгон сюзерендиктен баш тартып, Японияга Ляодун ж. а-н берген. Орус-япон согушунун (1904–05) убагында Япония К-ны караткан.

1905-ж. 17-ноябрдагы протекторат ж-дөгү келишимге ылайык К. Японияга толук көз каранды болуп, башка мамлекеттер м-н өз алдынча алака жүргүзүү укугунан айрылган. Өкмөт япон генералдык резиденти – Ито Хиробуминин көзөмөлүнө өткөн. Протекторат режимине каршы корей элинин куралдуу күрөшү күчөгөн, бирок алардын негизги күчтөрү Япония бийлигинен талкаланган. 1910-ж. 22-августта К. императорунун тактан кетиши япон императорунун пайдасына чечилген. К. Япония империясынын курамына кирген. Өлкөдөгү мыйзам чыгаруу, аткаруу ж-а сот бийлиги, о. эле К. армиясы ж-а флоту генерал-губернатордун колуна өткөн. 1911–18-ж. япон бийлиги а. ч. тармагында бир катар өзгөртүүлөрдү киргизип, жер каттоо жүргүзгөн. Япония өкмөтү К-га аскердик-полициялык режим орнөткөн. Япон тили мамл. тилге айланып, саясий уюмдарга, ил., маданий ж-а спорт коомдорунда катышууга корейлерге тыюу салынган. Япония үстөмдүгүнө каршы К-да улуттук-боштондук кыймыл күчөп, ар кандай саясий уюмдар түзүлүп, партизандык отряддар калыптанган. Россиядагы Октябрь рев-ясынын (1917) таасири астында К-да Япония саясатына жооп катары Биринчи март элдик кыймылы кеңири жайылган. 1919-ж. 1-мартта Сеулда массалык демонстрациялар башталып, аларды япон полициясы күч м-н баскан. 1919-ж. апрелде Шанхайда жашаган корей эмигранттарынын Корей улуттук конгресси деп аталган чогулушунда Корей Респ. (Тэхан мингук) жарыяланып, саясатчы Ли Сын Ман жетектеген «өкмөт» түзүлгөн. 1920-жылдары К-да алгачкы жумушчу ж-а профсоюз уюмдары пайда болуп, 1925-ж. Корея КП-сы түзүлгөн. Маньчжурия ж-а Кытай аймактарында партизандык отряддар (лидерлери Ким Ир Сен ж. б.) уюшулуп (кийин бул отряд Кытай Кызыл армиясынын 32-корпусуна айланган), Кытайдын элдик-рев-ячыл күчтөрү м-н бирге япон баскынчыларына каршы күрөшүп, бир нече жолу жеңиштерге жеткен. Берлин (Потсдам) конф-ясында (1945) союздаш мамлекеттер Японияны капитуляциясын ж-а Корей мамлекетинин эгемендигинин калыбына келтирилишин талап кылышкан. Сов. ж-а амер. аскерлердин биргелешкен күчтөрү Корей ж. а-н бошотууга киришкен. 1945-ж. августта СССРдин Тынч океан флоту м-н 25-армиянын 2-Ыраакы Чыгыш фронтунун бириккен күчтөрү К. аймактарына кирген. АКШнын сунушу м-н Корей ж. а. 38-параллель б-ча түн. ж-а түш. зонага бөлүнгөн. Бирок К-нын түндүгүнө АКШ армиясы 1945-ж. 8-сентябрда согуш аракеттери токтогондо кире баштаган. 1945-ж. 8-октябрда Түн. К-нын 5 провинциясынын элдик к-ттеринин өкүлдөрү жолугуп, убактылуу башкаруу органы – 5 провинциянын адм. бюросун түзгөн. 1945-ж. 10-октябрда Түн. К. өкүлдөрүнүн жыйынында Корея КПнин түн.-корей уюштуруу бюросу түзүлгөн. 1946-ж. августта КП Түндүктө Жаңы элдик партия (1946-ж. негизделген), түштүктө Элдик ж-а Жаңы элдик партия (1945-ж. негизделген) м-н биригип, Түн. К. Эмгек партиясы ж-а Түш. К. Эмгек партиясы болуп түзүлгөн. 1946-ж. февралда элдик бийликтин жогорку органы – Түн. К. Убактылуу элдик к-ти түзүлгөн. 1945–48-ж. Түн. К-да жер реформасы жүргүзүлүп, транспорт, ө. ж., байланыш, банк, тышкы соода ж. б. улутташтырылган. Түш. К-да амер. аскер администрациясы элдик к-ттердин ишмердигине ж-а реформалардын жүрүшүнө тоскоолдук кылып, консервативдик саясий күчтөр м-н кызматташкан. 1948-ж. 10-майда Түш. К-нын Улуттук чогулушуна шайлоо өткөрүлүп, 15-августта Корея Респ. жарыяланып (к. *Корея)*, борбору Сеул ш. болгон. Амер. аскер администрациясы К-дагы өзүнүн ыйгарым укугун Ли Сын Манга тапшырган. 1948-ж. 9-сентябрда Түн. К-да Ким Ир Сен жетектеген Корей Элдик Демокр. Респ. (КЭДР) түзүлгөн. Конституция б-ча КЭДРдин борбору Сеул эсептелген, бирок иш жүзүндө Пхеньян ш. борбор болуп калган.

Адабияты. К. ад. б. з. башындагы байыркы корей фолькл[illegible]ан башталат. 19-к-га чейин расмий ханм[illegible]тилинде (кытай тилинин корейлешкен форм[illegible]ында) ж-а корей тилинде жаралган. Корей тилиндеги ад-ттын байыркы үлгүсү – чакан ырлар – хянга (7–11-к.). Бул мезгилдеги чыгармалардын көпчүлүгү сакталган эмес. Корей акындары ырларын кытай ыр түзүлүшүнүн эрежелерине ылайык жазышкан. Поэзияга Чхве Чхи Вон (9-к.) чоң салым кошкон. Корё мамлекети мезгилинде кытай тилиндеги проза ж-а поэзия биринчи планга чыккан. Ким Бу Сектин «Үч мамлекеттин тарыхый баяны» (1145) деген конфуцийчил хроникасы, пхэсоль жанрында Ли Ин Нонун, Ли Гю Бонун ж-а Ли Же Хёндун лирикалары маанилүү роль ойногон. Чосон мезгилинде улуттук мад-тка басым жасалып, поэзия м-н проза улуттук тилде өнүккөн. Поэзияда сижо (үч сап ырлар; Юн Сон До) ж-а каса (поэмалар Чон Чхол) жанрлары өнүккөн. 19-к-дын акыры – 20-к-дын башында кытай тилинен баш тарткан ж-а агартуучулук идеясын даңазалаган «жаңы адабият» пайда болгон. Корей тилиндеги проза поэзиядан кийин пайда болгон (Ман Жундун романдары, 17-к.). 20-жылдары ад-ттын мааниси тууралуу талаш-тартыш келип чыккан: агартуучу, прозачы Ли Гван Су ад-тты үгүт-насыят каражаты катары эсептесе, кыска аңгеменин чебери Ким Дон Ин ад-ты, «Таза искусство» деп түшүнгөн. Ад-тта ар кандай багыттар: модернизм (акын, жазуучу Ли Сандын чыгармалары) «жаңы багыт мектеби» (Чхве Со Ханин аңгемелери, Ли Сан Хванын ырлары) пайда болгон. Пролетар жазуучулардын Корея ассоциациясы (Ли Ги Ен, Чо Мен Хи, Сон Енди, акындар Пак Се Ен, Пак Пхар Ян, Лим Хва ж. б.) түзүлгөн. К-нын 1948-жылдан кийинки ад-тын Корея Респ-сынын ж-а Корей элдик Демокр. Респ-нын ад-тын кара.

Архитектура ж-а сүрөт иск-восу. Б. з. ч. 1-к-дагы көрүстөндөрдө (дольмендер, үкөк формасындагы мүрзөлөр ж. б.) металл шаймандар ж-а кооз чопо идиштер калган. Когурьё мамлекетинин башкаруучулары м-н ак сөөктөрдүн 4–7-к-дагы көрүстөндөрү көпчүлүгү байыркы борбор Куннэсондун ж-а 5-к-дан кийин борбор болгон Пхеньяндын айланасында жайгашкан. Көрүстөндөр эки типке бөлүнөт: тепкич түрүндөгү таш пирамидалар ж-а имаратты көөмп турган коргон дөбөлөр. Алардын дубалдары м-н шыптары сүрөттөр м-н кооздолгон. К-нын 8-к-да Силла мамлекетине биригиши анын мадтын жаңы бийиктикке көтөргөн. Шаарлар курула баштаган. 4–6-к-да К-да буддизмдин таралышы м-н храм ансамблдери пайда болгон: 8-к-да Кёнжуда Соккурам үңкүр храмы, Пульгукс комплекси (14-к-да кайра курулган), Таботхап м-н Соккатхап пагодалары м-н курулган. 7–10-к-дагы К. скульптурасында Индия м-н Кытайдын будда оюу-чийүүлөрү образдардын жандуулугу м-н формалардын ийкемдүүлүгүн айкалыштырган (Будданын статуясы ж-а Кваным ботхисатванын горельефи – Соккурам храмы, 8-к.). Кёнжудагы көрүстөндөрдүн жанынан табылган жоокерлердин, айбанаттардын ж. б. таш эстеликтери сомдолгон монументтүүлүгү м-н айырмаланат. Бул мезгилдеги жасалга-колдонмо өнөрүнө таш ж-а металл иштетүү, жибек төкуучулук, лак буюмдарын чыгаруу, бамбук буласы м-н чөптү эшүү ж. б. мүнөздүү, Корё мамлекетинин доорунда (918–1392) пагодалардын формасы татаалдап, ярустарынын саны көбөйгөн (Кёнгидо провинциясындагы Хёнхвас храмынын 7 ярустуу пагодасы, 11-к.), салттык 4 кырдуу пагодалар м-н катар 6–8 кырлуу курулуштар (Канвондо провинциясындагы Вильжонс монастырынын 9 ярустуу октагондук пагодасы, 11–12-к.) салынган. Стилдик жактан да көп



«Мергенчилик сценасы». Анак уездиндеги № 3 күмбөздөгү сүрөт. Когурьё мезгили.



Коло күзгү «сымунтён». Сунжон (Сеул) ун-тинин коллекциясы Б. з. ч. 3–1-к.



Атчан жоокер келбетиндеги шарап куюлуучу идиш. Карапа. Корея улуттук музейи. 5–6-к. Сеул.



Сеулдагы Чхандоккун ак сарайы. 1405–12-ж. курулган, 1592-ж. бузулуп, 1607–10-ж. калыбына келтирилген.

түрдүү болгон. Бул доордун арх-расы жасалгага бай. Монумент скульптурасы мыкты өнүгүп, тушь ж-а суу боёк живописи кеңири тараган. Таштан ж-а фарфордон, карападан идиш жасоо өөрчүгөн. Сүрөт иск-восун өнүктүрүүдө 14-к-да сарайда уюштурулган Тохвасо мекемеси олуттуу роль ойноп, живопись академиясынын кызматын аткарган. Чосон мамлекети мезгилинде көркөм мад-тка неоконфуцийчилик зор таасир тийгизген. Буддисттик храмдар алыскы тоолуу райондордо курулган. Сакталып калган храмдардын көбү Чосон мезгилинин экинчи жарымында тургузулган. Падыша сарайларын курууда бай жасалга м-н зор салтанаттуулук айкалыштырылып (Кёнбоккун ак сарай комплекси,1395, 1592-ж. өрттөлүп, 19 к-дын 2-жарымында калыбына келтирилген; Чхандоккун комплекси, 1405–12, 1592-ж. бузулган, 1607–10-ж. калыбына келтирилген), ландшафт композициялуу бак-парктарды түзүүгө көп көңүл бөлүнгөн (Чхандоккун комплексиндеги Сырдуу бак). Чосон мезгилиндеги К. живописинин тарыхын 3 мезгилге – эрте (1392–1550), ортонку (1550–1700) ж-а соңку (экиге бөлүнөт), 1700–1850, 1850–1910) чосон мезгилдерине бөлүп карашат. Эрте мезгилде Го Си, Ми Фу ж-а уулу Ми Южен, Ан Гён, Кан Хи Ан ж. б. белгилүү болсо, ортонку мезгилдин ири чеберлери Ли Жин, Ким Мёнчук ж. б. болгон. «Гүл-чымчык» (хваджохва) жанрында көп сүрөтчүлөр ийгиликтүү иштешкен. 18-к-да өнүккөн пейзаж живописи – чингён сансухва багытында (чыныгы көрүнүштөгү пейзаж) Чон Сен, Ким Ын Хван, Ким Хон До ж. б. иштеген. Соңку мезгилдин аягында Ким Чон Хи, Хо Рён, Тен Сын Обо заманбап живопистин пайда болушуна негиз түзүшкөн. Жасалга-колдонмо өнөрүндө мурункудай эле карапанын ролу зор болгон. Негизи бардык эле сүрөтчүлөр «гүл-чымчык» жанрында иштешкен. 19-к-дын аягында май боёк живописи техникасы м-н иштеген алгачкы сүрөтчү Токиодогу көркөм иск-во окуу жайын бүтүргөн Ко Хи Дон болгон. 19-к-дын аягы – 20-к-дын башында Корея иск-восуна Батыштын көркөм салттары кире баштап, европ. стилдеги имараттар курулган.



Син Юн Бок. «Кайыктагы концерт». Тушь, суу боёктор. 18-к-дын аягы. Кансон искусство музейи. Сеул.

Музыкасы. К. улуттук музыкасы 4-к-дан калыптана баштаган. Көп аспаптарды (комунго ж. б.) жасаган Ван Санака (6-к.), ырчы ж-а 200дөй композициянын автору, каягым аспабын кураган Урыктын (6-к-дын аягы) чыг-лыгы ал кез үчүн маанилүү болгон. 14–16-к-да борбордо чоң оркестр, хор оюн көрсөтүп, көрүнүктүү музыканттар иштеген. К. музыкасынын өнүгүшүнө Пак Ен (15-к.) көп салым кошкон. Ал туңгуч муз. окуу жайын негиздеп, байыркы аспаптарды классификациялап, өзү да элдик музыканын чебер аткаруучусу болгон. 1432-ж. нота жазуунун өзүнчө системасы түзүлгөндүктөн, эски обондор сакталган. Согуштун кесепетинен 16-к-дын 2-жарымынан музыка өрүш албай, негизинен элдик ырлар гана өнүккөн. 19-к-да пхансоринин обону б-ча үн таануу системасы иштелип чыгып, анын негизинде элдик муз. драма (чхангык) өсүп, кийин улуттук операга айланган. 20-к-да европ. музыка кире баштаган, бирок 1910-ж. башталган япон колониячылыгы 1945-ж. чейин муз. мад-ттын өсүшүнө кедерги болгон. 1920-ж. батыштын белгилүү музыкасынын таасиринде понсонхва жанры пайда болгон. 1945-ж. Пхеньянда биринчи К. симф. оркестри түзүлгөн.

Театры. О. кылымда театрдын калыптанышына элдик ырчылар м-н жомокчулардын өнөрү түрткү берген. 15-к-да бий ж-а драмалык элементтер айкалышкан сандэгык театр жанры негизгилерден болгон. Комыгык театры 10-к-дагы буддалык мистериянын элементтерин киргизген. 17-к-да европ. ярмарка театрларын жакындашкан кыдыма труппалар кеңири белгилүү болгон. Ал. музыкалык оркестр м-н парадды баштап чыгышкан. Хвагык сүйлөшүү театры музыканы ж-а бийди пайдаланган. 19-к-да К-нын профессионал театры калыптана баштаган. Байыркы пхансори – жомокчулар иск-восунун негизинде чхангык муз. театры пайда болгон. 1908-ж. Сеулда «Вонгакса» театры уюшулгандан К. театрынын тарыхы башталат. Анын түзүүчүсү Ли Ин Жик байыркы улуттук салт м-н европ. бийдин техникасын бириктирүүгө аракеттенген. Батыш театрын жайылтуучу ж-а актёрдук билим алууну киргизген Хён Чол Япониядан окугандан кийин 1920-ж. Сеулда театр мектебин, кийинчерээк актёрдук окуу жайын түзүп, анда европ. ж-а кореялык пьесаларды койгон. 1923-ж. Япониядан билим алган корейлер тобу Пак Сун Хинин жетекчилигинде Сеулда «Тоулхе» театрын уюштурган (1932-ж. чейин иштеген). Япониядан билим алган режиссёр Хон Хе Сон 1931-ж. Сеулда «Спектаклди изилдөө» аттуу театрын ачкан. К-ны балет өнөрү м-н алгач 1926-жылдан К-да иштеген япон бийчиси, Сэ Ён Хан тааныштырган. Хореография өнөрүнүн андан аркы өнүгүшү Цой Сын Хинин ысымына байланыштуу Ал 1926-ж. Сеулда корей элдик ж-а батыш классикалык мектебин ачкан. Профессионал куурчак театры 1945-ж. ачылган.

Киносу. Биринчи кино 1903-ж. көрсөтүлгөн. Ошол эле жылы Сеулда чет мамл. кинолорду көрсөтүүчү кинотеатр ачылган. Улуттук кинематографияда биринчи фильм «Сүйүшкөндөрдүн ай астындагы анты» болгон (1923, реж. Юн Пэк Нам. Кино өнөрүнүн телчигиши япон баскынчыларынын көзөмөлүндө жүргөн. 1920-жылдардын башында тартылган «Чхунхян жөнүндө баян» фильми маанилүү окуя катары таанылган. Үнсүз кинонун ири чебери актёр ж-а реж. Ун Гю («Ариран», 1926) болгон. Биринчи үндүү фильм – «Чхунхян жөнүндө баяндын» жаңы версиясы (1935, реж. Ли Мён Ву). 1930-жылдардын аягында тыкыр көзөмөл кинону кризиске учуратып, көптөгөн кино ишмерлери ишин токтоткон же эмиграцияга кеткен. 1942-ж. корей тилинде кино тартууга тыюу салынган.

Ад.: Корейское классическое искусство. М., 1972; История Кореи. С древнейших времён до наших дней. Т. 1–2. М., 1974; История Кореи: (Новое прочтение). М., 2003; Троцевич А. Ф. История корейской традиционной литературы (до XX в.) СПб., 2004; *Денисов В. И.* Политические системы государств Корейского полуострова (РК и КНДР) // Политические системы и политические культуры Востока. 2-е изд. М., 2007.

КОРЕ́Я, Корей Республикасы (корейче – Тэханмингук) – Чыгыш Азиядагы мамлекет. Корей ж. а-нын түш. бөлүгүндө жайгашкан. Батышынан Сары, чыгышынан Япон деңиздери м-н чулганып, түш.-чыгышында Корей кысыгы аркылуу Япониядан бөлүнөт. Түндүгүнөн КЭДР м-н чектешет. Айрым жээк аралдарын ээлейт. Жээк сызыгынын жалпы уз. 3413 *км*. Аянты 99,3 миң *км*². Калкы 48,5 млн





(2009). Борбору – Сеул. Расмий тили – корей тили. Акча бирдиги – вона. Адм.-айм. жактан 9 провинцияга ж-а борборго баш ийген 7 шаарга бөлүнөт (к. таблицаны).

К. – БУУнун (1991), ЭВФтин (1955), Эл аралык өнүгүү ж-а реконструкция банкынын (1955), Азия өнүгүү банкынын (1966), Азия-Тынч океан экон. шериктештигинин (1989), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун (1995), Экон. шериктештик ж-а өнүгүү уюмунун (1996) мүчөсү.

Администрациялык-аймактык бөлүнүшү (2009)

	Аянты, км²	Калкы, миң	Адм. борбору
Провинциялары			
Канвондо	16534,3	1426,6	Чхунчхон
Кёнгидо	10114,5	12062,7	Сувон
Түн. Кёнсан (Кёнсан-Пукто)	19021,9	2471,6	Тэгу
Түн. Чолла (Чолла-Пукто)	8058,0	1845,9	Чонжу
Түн. Чхунчхон (Чхунчхон-Пукто)	7433,4	1417,6	Чхонжу
Түш. Кёнсан (Кёнсан-Намдо)	10510,7	3123,7	Чханвон
Түш. Чолла (Чолла-Намдо)	11911,3	1805,4	Муан
Түш. Чхунчхон (Чхунчхон-Намдо)	8546,9	1868,0	Тэжон
Чежудо*	1845,4	550,1	Чежу
Борборго баш ийгеншаарлары			
Инчхон	955,0	2602,3	
Кванжу	501,3	1360,2	
Пусан	748,9	3352,0	
Сеул	605,8	9660,5	
Тэгу	885,5	2413,6	
Тэжон	539,9	1437,1	
Ульсан	1055,7	1073,6	

*Өзгөчө автономия провинция статусуна ээ.

Мамлекеттик түзүлүшү. Корей Респ. – унитардык мамлекет. Конституциясы 1948-ж. 17-июлда кабыл алынган. Башкаруу формасы – президенттик респ. Мамлекет ж-а өкмөт башчысы – президент, 5 жылдык мөөнөткө шайланат (кайра шайлануурга укуксуз). Президент өкмөт мүчөлөрүн дайындайт ж-а Куралдуу күчтөрдүн жогорку башкы командачысы болуп саналат. Мыйзам чыгаруу бийлигинин жогорку органы – бир палаталуу парламент (Улуттук чогулуш), 299 депутаттан турат, 4 жылга шайланат. Аткаруу бийлигин премьер-министр жетектеген өкмөт ишке ашырат. Корей Респ-нда көп партиялуу система орун алган. Саясий партиялары: Улуу элдер партиясы, Биздин ачык партия, Демокр. партия, Демокр. эмгек партиясы.

Табияты. Жээк сызыгынын уз. 2500 *км*ден ашык. Япон деңизинин жээги негизинен тоолуу, начар тилмеленген, Сары деңиздики ж-а Корей кысыгыныкы – риас тибинде, булундар, жарым аралдар ж-а аралдар көп. Ири аралдары: Кожедо, Чежудо, Чиндо. Корей Респ-нын түш. бөлүгүндө табигый гавандар бар, алардын



Чежудо аралы.

жээги тайыз, суу киргенде 10 *м*ге чейин көтөрүлүп, ташкын-тартылуу ылдамдыгы тез болгондуктан, кемелердин кирүүсүн татаалдатат. А. ч. жерин кеңейтүү максатында түштүгүн жээктей сайроондорду кургатуу иштери жүргүзүлүүдө. Өлкөнүн рельефи негизинен тоолуу. Чыгышында субмеридиан багытында *Чыгыш Корей тоолору* созулуп жатат. Түштүгүндө бийик. 1915 *м*ге жеткен Норён, Собэк кырка тоолору жайгашкан. Эң бийик жери Чежудо а-ндагы – Халласан өчкөн жанартоосу, анын кратеринде көл жайгашкан. Түздүктөр өлкөнүн аймагынын $^1/_3$ бөлүгүн ээлейт; алар негизинен К-нын батыш бөлүгүндөгү ири дарыялардын төмөнкү агымдарында, деңиз жээктеринде жайгашып, калк жыш отурукташкан ж-а ото өздөштүрүлгөн. К-нын аймагы Кытай платформасынын түн.-чыгыш чет-жакасындагы байкал бүктөлүүсүндө жайгашкан. К-да курамында висмут бар, вольфрам-молибден кенташынын ири кени жайгашкан; о. эле жез, коргошун, цинк, алтын, күмүш, темир, уран, кадмий ж. б. кендери бар. Негизги көмүр кендери (негизинен антрациттер) өлкөнүн борб. бөлүгүнүн чыгышында жана түш.-батышында, күрөң көмүр кендери өлкөнүн түш.-чыгышында жайгашкан. Графит, пирофиллит, тальк, цеолит, барит, кварцит, сода, каолин, цементтүү акиташ теги, диатомит, сал туз, кум ж. б. кендердин о. ж-лык мааниси бар. Сары деңиздин шельфинен табигый күйүүчү газдын кени табылган.

Басымдуу бөлүгүнүн климаты: муссондук, түш. четинде субтропиктик муссондук. Эң суук айынын (январь) орт. темп-расы түндүгүндө – 7°Сден түштүктө 4°Сге чейин. Кышында түндүктөн, Азия антициклонунан кирген муздак абадан кыска мөөнөткө (10–20 күн) суук абарайы түзүлөт. Эң жылуу айынын (август, айрым жерлерде июнь же июль) орт. темп-расы 25–26°С. Жылдык жаан-чачындын олчому 1000–1400 *мм*. Жайкы деңиздик муссонго байланыштуу жаан-чачындын көп жааган мезгили (июндан октябрга чейин) даана байкалат. Жайдын аягында ж-а күзүндө аймак тайфундун таасиринде да болот; түш.-батышы мезгил-мезгили м-н кургакчылыкка дуушарланат. Дарыя тармагы жыш; ирилери бүт Сары деңиз м-н Корей кысыгына куят. Ири дарыялары: Нактонган (уз. 520 *км*ден ашык), Ханган (514 *км*), Кымган (400 *км*ден ашык). Негизинен жамгыр же кар-жамгыр сууларынан куралат. Суу сактагычтар курулган. Жыл сайын калыбына келип туруучу суу ресурстары 70 $км^3$, жыл ичинде суу м-н камсыз болуусу 1,5 миң $м^3$/*адам*. Суу ресурстарынын 36%и пайдаланылат.

3 миң түрдү камтыган флорасынын 220 түрүнөн ашыгы – эндемиктер. Жерг. токоюнун дээрлик бардыгы 20-к-да кыйылып жок болгон. Азыркы токойлуулугу 63%, токой массивдери негизинен тоолуу аймактарда сакталган. Токойдун кыйылуусунан кыртыш эрозиясы ж-а суу ташкыны күчөгөн. Токойду калыбына келтирүү үчүн көбүнчө тез өсүүчү кызыл карагай отургузулууда. Чыгыш Корей тоолорунун жазы жалбырактуу токоюнда эмен, жоко дарак, ак чечек, кара жыгач, грабдын түрлөрү өсүп, маньжур жаңгагы, баркыт дарагы, зараң кездешет. Токой да-

Пукхансан улуттук паркы.



рактары лианалар м-н чырмалган. Женьшень өсөт. Токой астында куба күрөң топурак (бүрөзём) оорчүгөн. Өлкөнүн түш. чет-жакасында 300–400 *м* бийиктикте субтропиктик аралаш дайыма жашыл токой өсүп, астында кызыл топурак оорчүгөн. Ларактуу ярусунда дайыма жашыл эмен, магнолия, кастанопсис, кагаз дарагы үстөмдүк кылат, кызыл карагай кездешет. Бадалдуу ярусун камелиясы ж-а бересклети, бамбук түзөт. Жаптал өрдөй жалбырагын күбүчү жазы жалбырактуу токой (граб, каштан ж. б.) кездешет. Түздүктөрдө маданий өсүмдүктөр басымдуулук кылат. Аллювий топурактуу түздүктөрү кыш мезгилдер бою шалы ж. б. эгиндер тынымсыз өстүрүлүп келгендиктен, өтө өзгөрүүгө дуушарланган.

Сүт эмүүчүлөрдүн 90 (анын 12 түрү жоголуу коркунучунда турат, мис., ак төш аюу), уялоочу куштардын 150 (анын 19 түрү жоголуу алдында), сойлоочулардын 20, жерде-сууда жашоочулардын 14 түрү бар. Жээк суулары биол. ресурстарга, орнитофаунага бай. Өлкөнүн аймагынын 3,6%ин ээлеген 37 табигый аймак коргоого алынган. Анын 8и эл аралык маанидеги суу-саздуу аймак, 2 биосфералык резерват. Жанартоолуу Чежудо а. лавалуу туннелдери м-н *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген.

Калкы. Калкынын басымдуу бөлүгү (99%и) *корейлер;* кытайлар 0,3%, калгандары – филиппиндиктер, америкалыктар, индонезиялыктар, малаялыктар, моңгол, вьетнам, япон, орус ж. б. улуттар. Төрөлүүнүн басаңдашынан калктын саны акырындап азаюуда. Төрөлүүнүн ж-а өлүм-житимдин азайышынан калктын курамы «картаюуда». 15 жашка чейинки өспүрүмдөр калктын 17,5%ин (1960-ж. 42,9% болгон), эмгекке жарамдуу курактагылар (15–64 жаштагылар) 72,1%ин (53,8%), 65 ж-а андан ашкан курактагылар 10,5%ин (3,3%) түзөт. Орто эсеп м-н 100 аялга 99,5 эркек туура келет. Өмүрдүн күтүлгөн орт. узактыгы 78,6 жыл (эркектерде 75,3, аялдарда 82,2 жаш). Сырткы миграция анча көп эмес, он сальдо мүнөздүү. 21-к-дын башында жыл сайын өлкөдөн орто эсеп м-н 3,2 миң адам сыртка (негизинен АКШ, Японияга ж-а Батыш Европа өлкөлөрүнө окууга) кетет. 1990-жылдардан баштап, К-да иштөө үчүн (Кытай, Вьетнам, Филиппин, Таиланд ж. б. өлкөлөрдөн) келгендердин саны өсүүдө; ири шаарларда, айрыкча Сеулда дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнөн (а. и. АКШ, Япония, Батыш Европа өлкөлөрүнөн) келген жогорку квалификациялуу адистер иштөөдө. К-да амер. аскер контингенти бар. Калкынын орт. жыштыгы б-ча дүйнөдө эң алдынкы өлкөлөрдүн бири; 1 $км^2$ жерге 488 адам туура келет. Калк эң жыш жайгашкан провинциялары (2009): борб. Кёнгидо (1 $км^2$ жерде 1193 адам), Чежудо а. (298), Түш. Кёнсан (297); ал эми Канвондо провинциясында эң сейрек (86) отурукташкан. Урбанизация ж-а субурбанизация процесстери ургаалдуу өнүгүүдө. Шаар калкы 81,5%ти түзөт (2008). Ири шаарлары: Сеул (калкы 9660,5 мин; 2009), Пусан (3352,0), Инчхон (Чемульпо; 2602,3), Тэгу (2413,6), Коян (1518,3), Тэжон (1431,1), Сувон (1374,5), Кванжу (1360,2), Ульсан (1073,6), Соннам (1023,2). Эң ири шаар агломерациясы – Сеул аймагы, анын калкы 22 456,2 мин, өлкөнүн калкынын 46%тен ашыгы; 2009). Экономикасында иштегендердин жалпы саны 24,2 млн; анын 75,2%и тейлоо чөйрөсүндө, 17,3%и иштеп чыгуучу о. ж-нда ж-а курулушта, 7,5%и казып алуу о. ж-нда, айыл ж-а токой чарбаларында, балык уулоодо эмгектенет.

Тарыхы. Корей Республикасы 1948-ж. 15-августта түзүлгөн. Ли Сын Ман президенттикке шайланган. 1948-ж. ноябрда ал улуттук коопсуздук ж-дө мыйзам кабыл алып, Конституциянын (1948-ж. 17-июлда кабыл алынган) айрым жоболорун алып салып, солчул, жумушчу ж. б. уюмдардын ишмердүүлүктөрүнө тыюу салган. Ошол эле жылы өзү түзгөн Либералдык партия башкаруучу партияга айланган. 1948-ж. түзүлгөн келишимдердин негизинде АКШ өкмөтү Корей Респ-на экон. жардам берип турган. Корей согушунун (1950–53) бүтүшү м-н АКШ ж-а Корей Респ. оз ара кооптуздукту камсыз кылуу (1954), ядролук энергияны тынчтык максаттарга колдонуу (1956) ж-дө келишимдерге кол коюшуп, АКШ аскерлери К-нын аймагында туруктуу негизде калышкан. 1940-жылдардын аягы – 1950-жылдардын башында Корей Респ-нын экономикасы төмөндөп, өлкөдө массалык жумушсуздук пайда болгон. 1950-ж. К. өкмөтү АКШнын колдоосу м-н жер реформасын жүргүзүп, ири жер ээлеринин ашык жерлерин сатып алып, дыйкандарга берген. 1952-ж. августта президенттик шайлоодо Ли Сын Ман кайрадан жеңишке ээ болгон. 1954-ж. ноябрда ал Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизип, президентке чексиз укуктарды ыйгарып, парламенттин айрым бийлигин чектеген. Мындай иш чаралар, о. эле жилигин чектеген. Мындай иш чаралар, о. эле жилфициянын өсүшү ж-а жумушсуздук өлкөдөгү мартта откорулгон президенттик шайлоодогу качылыктар Апрель көтөрүлүшүнө (1960) алып келген. 1960-ж. 26-апрелде Улуттук чогулуш (парламент) президенттин кызматтан кетүүсүн талап кылуу ж-а шайлоонун жыйынтыктарынын жаракысыздыгын таануу ж-дө резолюция кабыл алган. 1960-ж. июнда парламент Конституцияга өндөолорду киргизип, президенттин бийлиги чектелген (мындан ары президент эки палатадан турган парламент тарабынан шайлануучу милдеттүү), солчул, жумушчу партиялар ж-а уюмдардын ишмердиктерине тыюу салар ж-а уюмдардын ишмердиктерине тыюу салуулар алып салынган. 1960-ж. августта Демокр. партиянын лидери Юп Бо Сон президенттикке

КОРЕЙ РЕСПУБЛИКАСЫ


Терендик жана бийиктик шкаласы, метр менен
терең 2000 1000 200 0 200 500 1000 жогору
Масштабы 1: 4 500 000
Корей ж. аралы
Согвипхо
Чежудо а.
(Корея Рес.)
Чеджу
Кванджучжи
тум.
Хальласан
1950
Сокчхо
Тонхэ
Самчхок
Ульчжин
Йондок
Ёнил
Пусан
Кимхэ
Масан
Чинхэ
Ульсан
Кёнджу
Тэгу
Кумхо
Пхохан
Чхунчхон
Тэджон
Кванджу
Мокпхо
Инчхон
(Чемульпо)
Сеул
Сувон
Пхёнтхэк
Ансан
Чхонан
Чонджу
Кунсан
Йосу
Сунчхон
Кванчжу
Хвасун
Чханган
Пусанский
Чхунчхонский
Кванджуский
Чхунчхонский
Кёнсанский
Кёнсанский
Чхунчхонский
Кёнсанский
Кёнсанский
Кёнсан



Пусан дениз порту.

борбору, финансы-банк ишмердиги, туристтик бизнес, кеме куруу ишканалары), «Кваньян» (дениз порту, туризм борбору). Чет өлкөлүк инвестицияда иштеген 14 зона («Асан» ж. б.) бар. Эл аралык транспорттук тейлөө чөйрөсүнө инвестиция тартуу максатында салыксыз соода жүргүзүүчү 4 зона ж-а эл аралык аэропорт (Инчхондо) уюшулган (2004). Стратегиялык маанилүү ө. ж. тармактарынын өнүгүүсүн тездетүү ж-а атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн көтөрүү үчүн 2002-жылдан 3 типтеги (улуттук, жерг. башкаруудагы, агр.-индустриялык) индустрия комплекстери уюшулууда. Улуттук индустрия комплексине караган ишканалар негизинен электроника ө. ж-нын татаал технол. буюмдарын (жарым өткөргүч, суюк кристаллдык дисплей, CDMA мобилдик телефону, оптикалык приборлор ж. б.) чыгарууга адистешкен. ИДПнин структурасында тейлөө чөйрөсү 71,5%ти, ө. ж. 25,5%ти, айыл ж-а токой чарбалары, балык уулоо 3,0%ти түзөт.

Өлкөнүн ө. ж. продукциясынын наркынын 92,4%ин иштеп чыгаруучу ө. ж. тармагына туура келет (2006). Башкы тармактары: машина куруу, металлургия, химия. Корей Респ. дениз кемелерин, автомобиль, электрондук тиричилик приборлорун, телекоммуникация, металл иштетүү жабдууларын ж. б. чыгаруу б-ча дүйнөдө алдынкы орундардын бирин ээлейт. Энергетика комплексинин ишканалары ИДПнин 2,1%ин өндүрөт. Энергия пайдалануу структурасында нефтиге 47,0%, табигый газга 13,4%, көмүргө 24,4%, атомго 15,2% туура келет. Нефтиге болгон муктаждык толугу м-н импорттон камсыз болот (2008-ж. 118 млн *т*). Нефтинин негизги бөлүгү Ж. Чыгыш (Сауд Арабиясы, Бириккен Араб Эмирликтери), ө. эле Түш.-Чыгыш Азия ж-а Африка өлкөлөрүнөн келет. Өндүрүлгөн нефть продуктуларынын (2008-ж. 129,4 млн *т*; газойл, мазут, лигроин, авиация керосини, бензин) көбү экспорттолот. 200[illegible]ж. 2,89 млн *т* көмүр (антрацит) казылып алынат. Электр станцияларынын аныкталган запасы 68,27 миң *МВт* (2007). Өндүрүлгөн электр энергиясынын (425,2 млрд *кВт·с*) 60,0%и ЖЭСте, 33,6%и АЭСке, 1,2%и ГЭСке, 5,2%и энергиянын альтернативалуу булактарына (күн, шамал, геотерм. энергиялары, ө. эле биоотун, ө. ж. ж-а тиричилик калдыктары) таандык. Ири ЖЭСтери отун катары көмүр пайдаланат. КРдин атом электр станциялары негизинен (97%и) чет өлкөлөрдөн (Канада, Австралия, Улуу Британия, Франция, Россия, АКШ,ТАРдан) алган ядролук отунга байланыштуу. 20 АЭС иштейт; жалпы кубаттуулугу 9400 *МВт* болгон дагы 8 атомдук энергия блогу курулууда (2009); Корей ж. а-нын түш. учунда Күн энергиясын пайдаланган дүйнөдөгү ири курулмалардын бири иштейт (20 *МВт*). Ансан ш-на жакын дүйнөдөгү ири ташкын электр станциясы бар (254 *МВт*) бар. Металлургия иштеп чыгаруу ө. ж. продукциясынын наркынын 7%ин түзүп, негизинен импорттук сырьё м-н иштейт.

Машина куруу – ө. ж. тармагынын маанилүү комплекси. Анын башкы тармактары: трансп. машина куруу ж-а электроника ө. ж.; кыймылдаткыч ж-а турбина, металл иштетүүчү станок ж-а аспаптар, тоо-кен, а. ч., муздаткыч, хим., мед. жабдуулар ж. б. өндүрүштөрү өнүккөн. Кеме куруу – транспорттук машина куруунун маанилүү тармактарынын бири. Корей Респ. – дениз кемелерин куруучу дүйнөдөгү ири өлкөлөрдөн. Түш. К-нын кеме куруу компаниялары 2007-ж. кеме куруу б-ча жалпы дүйнөлүк заказдын 38,9%ин алган (тоннажы б-ча; Корей Респнын негизги атаандашы Кытайдыкы 37,2%ти түзгөн); продукциясынын экспорттук наркы 2008-ж. 27,8 млрд долларга жеткен. Өлкөдөгү 9 ири кеме куруу компаниясынын жетөө дүйнөдөгү алдынкы он компаниянын катарына кирет. Транспорттук машина куруунун маанилүү тармактарынын бири – автомобиль ө. ж. Автомобиль чыгарган дүйнөдөгү 5 ири өлкөнүн катарына кирип, экспорттук продукциясынын



Ульсан шаарындагы кеме верфи.

Кванъян шаарындагы металлургия комбинаты.



көлөмү (37,3 млрд доллар) б-ча дүйнөдө 6-орунда. 2007-ж. 4,1 млн автомобиль чыгарган, а. и. женил автомашина 3,7 млн. Негизинен 4 автомобиль компаниясы иштейт. Автомобиль чыгаруучу эң ири «Hyundai Kia Automotive Group» концерни (1998) продукциясынын көлөмү б-ча Азияда 2-орунда (Япониянын «Toyota Motors» корпорациясынан кийин), дүйнөдө автомобиль чыгаруучу 5 ири компаниянын катарына кирет. Автомобиль чыгаруучу кийинки «GM Daewoo Auto and Technologo Co.» компаниясына өлкөдө чыгуучу автомобилдин 23,1%и таандык. «Renault Samsung Motors» компаниясынын үлүшү өлкөдө чыгарылган автомобилдин 4,4%и, «Ssang Yong Motor Co.» компаниясына 3%и туура келет. Машина куруунун маанилүү тармагы – электроника ж-а электр-тех. ө. ж. КР жарым өткөргүчтөрдү (90%и чиптер); компьютердин тез эске тутуу модулун (микросхема), а. и. видео-карта процессор чиптери үчүн микросхемалар, катуу диск (HDD); СК-дисплей (монитор); СК ж-а плазма телевизорлорун; GSM, CDMA, 3G, WiMAX стандартындагы тез телефондорду; ноутбук, принтер ж-а көп функциялуу түзүлмөлөрдү (мис., сканер+принтер); IP-телефония ж-а 3-, 4-муундагы зымсыз байланыш тармактары үчүн жабдуу чыгаруу б-ча дүйнөдө алдынкы орундардын бирин ээлейт. Информ. технол. продукцияларына өлкө экспортунун көлөмүнүн 30%ке жакыны туура келет. Робот-техникасын (баасы б-ча дүйнөдө 6-орунда), тиричилик электр приборлорун (муздаткыч, микротолкун мештери, кир жуугуч машина, кондиционер, чаң соргуч ж. б.) чыгаруу б-ча дүйнөдө алдыңкы орунда; белгилүү компаниялары: «Samsung Group», «LG Group», «Samsung Electronics» ж. б. Өнүккөн мед. жабдууну өндүрүү тармагында 1652 компания иштеп, 7 минден ашуун наамдагы (татаал диагностика приборлорун ж-а жабдууларын, электр массаждагыч ж. б.) жабдууларды чыгарат. Химия ө. ж-нан импорттук сырьёнун (фосфат, калий тузу, табигый газ ж. б.) негизинде иштеген минералдык жер семирткич өндүрүүдө эң натыйжалуу комплекстүү жер семирткичтер (азот-фосфор, фосфор-калий, азот-фосфор-калий) басымдуулук кылат. Нефть-химия ө. ж. – химия индустриясынын маанилүү тармагы. Пластмасса ж-а синтездик (полиэтилен, поливинилхлорид, АБС-пластик, полипропилен, полистирол, синтездик була, синтездик каучук ж. б.) чыгаруу өнүккөн. Автомобиль куруунун өнүгүүсүнө байланыштуу шина чыгаруу өндүрүшүнүн мааниси жогорулоодо. Химия-фармацевтика ж-а микробиология ө. ж. – 21-к-дын башында өлкөнүн экономикасынын ылдам өнүгүп жаткан тармактарынын бири. Продукциянын 26 минден ашык түрүн чыгарат. Вакцина өндүрүшүнүн көлөмү б-ча (дүйнөлүк өндүрүштүн 1,4%ке жакыны, наркы 9,7 млрд доллар, 2008) Респ. дүйнөдө 11-орунду ээлейт. Женил ө. ж. кытай товарлары м-н өтө катуу атаандаштык шартында өнүгөт. Текстилинде синтездик буладан (бир аз накта була кошулуп) жасалган кездеме басымдуу. Тигүү ө. ж-нын атаандаштыкка чыгуусуна о. эле жогорку технол. материалдардан (керектүү маалыматтарды, мис., аба ырайын, валюта курсун ж. б. берип туруучу цифралуу электрондук приборлору кошо) тигилген салыштырмалуу кымбат атайын касиетке ээ цифралуу кийимдердин да мааниси зор. Ички рынокто аялдардын улуттук костюму – «ханбок» көп талап кылынат. Спорттук кийимдерди ж-а парик чыгаруунун экспорттук мааниси зор. Текстиль, кийим тигүү ф-калары (негизинен чакан ж-а орто) өлкөнүн жалпы ө. ж. ишканаларынын санын 14,2%ин түзөт. Компаниялары кийимдин түрдүү предметтерин (60ка жакын бренд), синтездик була, кийим (а. и. спорттук, балдардын кийимдери, аялдардын ич кийими, байпак, бут кийим ж. б.) чыгарат.

Дүйнөлүк агр. продукциянын наркындагы Корей Респ-нын үлүшү 1,85% (2007; дүйнөдө 11-орунда). Агр. өндүрүштүн өсүүсүн (21-к-дын башында орто эсеп м-н 2%) а. ч-га жарактуу жеринин аздыгы кыйла чектейт. А. ч-га жарактуу жеринин аянты өлкө аймагынын 18,6%ин түзөт (2007-ж. 1,82 млн *га*); а. и. айдоо жери 16,6%, көп жылдык маданий өсүмдүктөр 2%тей. Сугат жери 0,88 млн *га*. Дыйканчылыгында чакан дыйкан (ферма) чарбалары басымдуу. Негизги азык-түлүк эгини – шалы. Өлкө күрүчкө болгон өз муктаждыгын толук камсыз кылат. Шалы 1,08 млн *га* жерге эгилет. 2007-ж. 5,9 млн *т* акталбаган күрүч жыйналган. Шалынын вегетациялык мезгили муссондук жаан-чачындуу мезгилге (июлдун аягы – сентябрдын башталышына) туура келгендиктен, шалы палдары сууга толгуча, июлдун ортосуна чейин ал жерлерге арпа, буудай, о. эле жашылча өстүрүп алышат. Кайрак жерлердин басымдуу бөлүгүнөн жылына 2 жолу түшүм алынат. Алгач арпа, чанда буудай эгилип, алар жыйналып алынгандан кийин шалы, таруу, ак жүгөрү, жүгөрү, буурчак өстүрүлөт. Май өсүмдүктөрү (күнжут, жер жаңгак, рапс ж. б.), тех. өсүмдүктөр (тамеки, пахта), бардык жеринде жашылча, картошко, мандарин, шабдаалы, алмурут, алма ж. б. өстүрүлөт.

А. ч-ның эң тез өнүгүп жаткан тармагы – мал чарбасы. 2007-ж. 9850 миң чочко, 2580 миң уй, 527 миң эчки, 22 миң жылкы, 121 000 миң тоок ж-а жөжө, 8600 миң өрдөк, 15 миң күрп, 9 миң коён. Экспорт үчүн токой козу карындары ж-а каштан момосу жыйналат. Балык уулоо ж-а суу промысели өлкөнүн экономикасынын маанилүү тармагы. Калктын тамак-ашындагы жа-





Корей Республикасынын акчасы – вона.

ныбар белокторунун ½и балык ж-а молюска продуктуларына туура келет; тамак-аштa витаминге ж-а микроэлементтерге бай деңиз балырлары кеңири пайдаланылат. Деңиз аквакультура продукциясынын 55%ке жакыны балыр (вакаме, нори, хидзаки, комбу), 35%ин молюска (устрица, мидия ж. б.), 9,8%ин балык, 0,2%ин креветка түзөт.

Өлкөнүн экономикасынын эң ири сектору – тейлоо чөйрөсү. Анын маанилүү тармактары: кредит-финансы ж-а камсыздандыруу иштери, дүң ж-а чекене соода, коомдук тамактануу, мейманкана бизнеси ж-а тиричилик жактан тейлоо, кыймылсыз мүлк операциясы, транспорт ж-а байланыш, адм. тейлоо, билим берүү, саламаттыкты сактоо ж. б. Кредиттик мекемелердин системасы 14 коммерциялык банкты (анын 8и улуттук масштабда), 5 миңге жакын филиалы м-н, камтыйт. Рекреациялык тейлоо ургаалдуу өнүгүүдө. 2007-ж. өлкөгө 6,5 млн чет өлкөлүк турист келген. Көбү Япониядан (34,7%и), Кытайдан (21,8%и; Тайвань кошо), АКШдан (11,0%и) ж-а Европа союзуна кирген өлкөлөрдөн (8,7%и) келет. Чет өлкөлүк туризмден түшкөн киреше 5,23 млрд доллар, анын 2,31 млрд доллары ишкердик туризмге таандык. Чет өлкөлүк туристтер негизинен эл аралык Инчхон аэропорту аркылуу келет.

Заманбап трансп. коммуникациясы өнүккөн. Т. ж-нун жалпы уз. 3381 *км*, анын 1843 *км*и электрлештирилген (2008). 79 маршруту бар. Башкы т. ж. түйүнү – Сеул. Сеул – Тежон – Тэгу–Кёнжу – Пхохан – Пусан – Тэжон – Кванжу – Мокпхо тармагы бар) ылдам (саатына 300 *км*дей) жүрүү т. ж. иштейт. Сеул, Тэгу, Инчхон, Тежон, Кванжу ш-нда метрополитен бар. Автомобиль жолунун уз. 103,0 миң *км* (2008), анын 3,4 миң *км*и – көп тилкелүү ылдам жүрүүчү автомагистраль. Магистралдык куур транспортунун уз. 2250 *км* (2008), анын 1423 *км*и газ, 827 *км*и нефть куурлары. Деңиз транспорту эл аралык жүктүн негизги болүгүн тейлейт. Эң ири деңиз портторунун жүк айлануусу: Пусан (243 млн *т*; о.эле Япония м-н К-нын ортосундагы жүк ташуунун негизги болүгүн тейлейт), Кваньян (198 млн *т*), Ульсан (169 млн *т*), Инчхон (138 млн *т*; Кытай порттору м-н байланышты тейлейт), Пхохан (62 млн *т*). Паром аркылуу Пусан Японияын Симоносеки, Фукуока, Осака порттору, о. эле Цусима а-нын порттору, Инчхон Кытайдын Дальян, Тяньцзин, Вэйхай, Циндао ж. б. порттору, Сокчхо порту Россиянын Зарубино посёлкасы, Владивосток ш. м-н байланышат. Ички паромдук байланыш да өнүккөн. Корей Респ-нын желеги м-н 812 деңиз соода кемеси катталган (анын 31и чет өлкөлүк кеме ээлерине таандык). Авиация транспорту эл аралык жүргүнчүлөрдүн негизги болүгүн ташыйт. Өлкөдө 150 аэропорт иштейт. Эл аралык аэропорттору: Инчхон, Кимпхо, Чежу, Кимхэ (Пусанга жакын), Муан, Яньян. Тэгу ж-а Чхонжу ш-нда.

Сырткы соодасынын көлөмү 728,3 млрд доллар (2007), а. и. экспортунуку 371,5 млрд доллар, импортунуку 356,8 млрд доллар. Товардык экспортундагы маанилүү орунду электрондук ж-а электр-тех. ө. ж. продукциялары (жарым өткөргүчтөр, телекоммуникация жабдуулары, компьютер, электр-тиричилик приборлору ж. б.), автомобиль ж-а анын тетиктери, агрегаттары, деңиз кемелери, нефть продуктулары, пластмасса ж-а синтездик чайыр, болот прокат. Товарларын негизинен – Кытайга (Сянганга кошо, 27,1%), АКШга (12,4%), Японияга (7,1%) чыгарат. Негизги импорту: ө. ж. ж-а транспорт жабдууларынын ар кандай түрлөрү, электрондук приборлор ж-а компьютер, нефть, болот, орг. химиянын продуктулары, а. и. пластмасса. Товарларды Кытайдан (17,7%), Япониядан (15,8%), АКШдан (10,5%), Сауд Арабиясынан (5,9%) алат.

Билим берүүсү. 1945-жылдан баштап Кореяда эски мектептер жоюлуп, билим берүүнүн жаңы системасы түзүлгөн. 1950-жылдан баштап жалпыга милдеттүү 4 жылдык окууну киргизүү каралып, ал 1956–57-ж. гана ишке ашырылган. 1958-ж. акы төлөп окуу жоюлган. 1958–59-ж. жалпыга милдеттүү 7 жылдык билим берүү киргизилген. 1959-ж. билим берүү системасы кайра түзүлүп, башталгыч мектепте 4, толук эмес орто мектепте 3, тех. мектепте 2 ж-а жог. тех. мектепте 2 жылдык окуу киргизилген. 1967–68-окуу жылында жалпыга милдеттүү 9 жылдык билим берүү киргизилген. 1973-ж. жалпыга милдеттүү 10 жылдык билим берүү ж-а мектепке чейинки

бир жылдык тарбиялоо ж-дө мыйзам кабыл алынган. Окутуунун жаңы системасы 4 жылдык башталгыч ж-а 6 жылдык орто мектеп. 1974–75-окуу жылында жалпыга милдеттүү 10 жылдык орто билим алууга мектеп окуучуларынын 95%и тартылган. 1975-жылдан кайра жалпыга милдеттүү 11 жылдык билим берүү башталган. 1980-ж. КЭДРде 4780 башталгыч, 4 125 толук орто, 600дөн ашуун жог. атайын орто билим берүүчү мектеп иштеген. 1990-жылдары 250гө жакын ЖОЖдору иштеп турган, а. и. Ким Ир Сен атын. Мамл. ун-ти (1946), Ким Чхек атын. Политех. ин-ту, Вонсан а. ч. ин-ту, Хыннам политех. ин-ту бар. КЭДРде 1951-жылдары Борб. тоо-кен ин-ту, Табигый ж-а тех. илимдер б-ча Борб хим ин-ту, түзүлгөн. 1952-ж. КЭДР ИА негизделген. Пхеньянда Мамл. борб. китепкана (1945), Корея рев-я музейи (1948), Борб. тарых музейи (1928), Корком сүрөт өнөрүнүн борб. музейи (1954) бар. 1991-жылдан баштап ЖОЖдордо реформанын жаңы долбоору иштелип чыккан. Окуу жайлардын ичинде ин-ттар, атайын коллеждер ачыла баштаган. Калктын сабаттуулугу 99%ти түзөт (2008).

Массалык-маалымат каражаттары. 5 млндон ашык гезит-журналдар чыгарылат (2008). «Минчжу Чосон», «Нодом синмун», «Чосон инмингун», «Нодон чхоннен» ж. б. күн сайын чыгуучу гезиттери, «Кыллоджа», «Чхоллима», «Чосон есуль», «Корея» сыяктуу ай сайын чыгуучу журналдары бар. 1945-жылдан Борб. ж-а Пхеньян радиостанциялары пайда болгон. Ал эми 1967-жылдан Борб. ж-а 1971-жылдан Кэсон телекорсөтүүсү, о. эле Мамл. маалымат агенттиги – Корея телеграф агенттиги негизделген.

Адабияты. 1945-ж. Түш. Корея япон. баскынчылыгынан бошотулгандан кийин 1950-жылдардын башына чейин Түш. Корей ад-тында улуттук көз карандысыздык үчүн күрөш ж-а Түш. Корей табиятынын кооздугу ж-дө жазышкан (Юн Тон Жу, Пак Ту Жин, Пак Мог Воль). Кээ бир жазуучулар ад-т аркылуу идеол. ж-а таптык карама-каршылыктарды көрсөтүүгө умтулушса (Ли Тхэ Жун), башкалары адам жашоосунун маани-маңызын түшүнүүгө аракеттенишкен (Ким Тон Ни ж. б.). 1950-жылдардагы проза Түн. м-н Түштүктүн ортосундагы согуш (1950–53), анын терс таасири (Хван Сун Вон ж. б.) ж-а улуттук салт унутулуп бараткандыгы (Со Ки Вон) чагылдырылган. Поэзияда согуш темасына арналган (Чо Чи Хун, Ку Сан). 1960–70-жылдардагы прозалык чыгармаларда жаңы пессимисттик мотивдер пайда болгон (Чхве Ин Хун, Ким Сын Ок). Поэзия өзүнө батыш модернизм м-н салттуу лириздми (Ли Хён Ги) айкалыштырылган. 1970–80-жылдардагы (индустриялаштыруу ж-а саясий куугунтуктоолор мезгили) ад-ттын негизги темалары – байлык м-н жакырлыктын ортосундагы айырмалар, индустриялаштыруу ж-а саясий куугунтуктоолор мезгилиндеги

салттык багыттагы сүрөтчүлөргө таасир берген. Скульптура да өнүккөн, көрүнүктүү окулдөрү: Юн Хе Жун, Квон Жин Гю, Ким Ген Сын. 1970-жылдары К-нын сүрөт иск-восунда «Монохром» бирикмеси чоң роль ойногон. 1980-жылдары Сон Су Нам ж-а Хон Сок Чан жетектеген «Сумукхва» («Тушь») кыймылы тушь живописи техникасына ыкташкан.

Музыкасы. Муз. мад-ты негизинен батыш үлгүсүнө багытталган. Театр сахналарында европ. классикалык опералар коюлган (1948, «Травиата», Ж. Верди). Көптөгөн кореялык музыканттар чет өлкөдөн (АКШ, 1980-жылдары СССР, Россия) билим алышкан. 1980–90-жылдары мамлекеттин колдоосунда салттык классикалык ж-а элдик муз. мад-т кайрадан жаралган. Элдик музыканын мурастарын сактоо ж-а өнүктүрүү иштерин Сеулдагы Мамл. салттык музыка ж-а бий борбору жүргүзөт (1951-ж. классикалык музыканын Улуттук ин-ту катары түзүлгөн); муз. окуу жайларында корей классикалык аспаптарында ойноого үйрөтүшөт. Салттык аткаруучулардын арасынан ырчылар Ли Чу Ван, Ан Пи Чхви, Ким Ок Сим; аспапчылар Сон Ким Рен, Син Кве Дон (цитра каягым), Ли Сон Ге (чоор тэгым). КРда 1960–70-жылдары жаз музыкасы таралган, американдык үлгүдөгү электргитара ж-а рок-музыка, электрондук аспаптар ж-а синтезаторлор колдонулган, поп-музыканын өзгөчө формасы өнүккөн. 1980-жылдары К-нын муз. мад-тына заманбап япон музыкасы таасир берген. Көп сандаган театрлар, ар кыл коллективдер, концерттик, ил. ж-а билим берүү мекемелери жайгашкан Сеул – муз. мад-тын очогу. Седжон атн. Мад-т борборунун концерттик залында чоң орган орнотулган (1978). Ири муз.-мад-т борборлору: Сеул иск-во борбору (1988–93); Опера үйү (Опера театры, чоң ж-а кичине концерттик залдары м-н); о. эле Корей Респ-нын Улуттук театры, 30дан ашуун симф. оркестрлер иштейт. 1993-ж. Улуттук муз. мектеп (батыш тибиндеги биринчи консерватория) ачылган. Жыл сайын музыка, театр фестивалдары өтүп турат.

Театры. 1945-ж Сеулда театр бирикмеси уюшулуп, ага коммунисттик идеологияны карманган коллективдер кирген. Ушул жылы Ли Кван Ре «Улуттук сцена» театрын түзгөн. 1950-ж. Сеулда К. Улуттук театры уюшулган. Анын негизги репертуарын заманбап драмалар, тарыхый пьесалар ж-а дүйнөлүк классика түзгөн (У. Шекспир, Мольер, Ф. Шиллер). 1958-ж. Сеулда «Вонгакса» театры ачылып, анда эксперименттик труппалар заманбап батыш драмаларын коюшкан (Т. Ульямс, Ж. Осборн). 1962-ж. драма борбору, 1973-ж. ошол кездеги Борб. Азия б-ча эң ири театр борбору – улуттук мад-тты кайра жаратуу сарайы ачылган. 1970-ж. башында Мадангык театры өнүккөн (маданг – ачык аянт).



Барабан менен бийлөө. Корея улуттук балети.

Актуалдуу маселелерди козгогон спектаклдер ачык асман алдында жасалгасыз, бийи муз. коштоосу жок өтөт. 21-к-дын башындагы театр ишмерлери: Пак Ге Бе, Чоң Вун Бонг, Джо Хен Гон ж. б. Ар жыл сайын эл аралык театр фестивалдары Сеулда (1977-жылдан), Кочханда (1989), Сувондо (1996), «Сеул фринж фестивал»(1998) өтүп турат. 1980–2000-ж. Сеулда «Конган Саранъ» театрынын Кичи залында, «Сэмто Паренсе» ж-а «Кумнаму» театрларында профессионал куурчак труппалары иштейт. Сеулда ж-а Пусанда эл аралык куурчак театрларынын фестивалдары өтөт.

Киносу. 1940-жылдардын Корей кинематографиясынын өнүгүшүнө Түштүк м-н Түндүктүн ортосундагы согуш тоскоолдук кылган. Киноиндустрия 1953-ж. кийин жандана баштаган. Негизги жанры мелодрама болгон. «Чхунхай жөнүндө ангеме» (1955, реж. Ли Гю Хван) фильми ийгиликке жетишкен. Көпчүлүк фильмдердин негизги каармандары өз тагдырын өзү аныктаган эркин күчтүү аялдар болгон. 1960-ж. фильмдердин жанрдык диапазону кеңейип, турмуштук комедиялар, жоокердик онордун элементтерин камтыган курч окуялуу фильмдер, аскердик драмалар чыгарылган. Корей кинематографисттери Голливуддун ж-а итал. неореализмдин тажрыйбасын үйрөнүшкөн. 1960-жылдардагы алдынкы режиссёрлор: Ким Ки Ён («Кызматчы аял», 1960), Кан Де Жин («Арабакеч», 1961, ЭКФ сыйл., Батыш Берлин), Ю Хен Мок («Жаздым тийген ок», 1961) Ким Су Ён («Деңиз жээгиндеги кыштак», 1965) ж. б. 1970-жылдары кинематография кризиске учураган. 1980-жылдары көңүл бурулуп, көпчүлүк фильмдердин авторлору динге – буддизмге, руханий изденүүгө, салттык тажрыйбага кайрылышкан («Мандала», 1981, реж. Им Квон Тэк; «Эмне үчүн Бодхидхарма чыгышка кетти», 1989, реж. Пе Ён Гюн). 1990–2000-ж. Корей Респ-нын фильмдери улуттук прокатта Голливуддун фильмдери м-н тентайлашкан. Көп фильмдер 1950–53-ж. согушка, Кореянын болүнүп калуу трагедиясына арналган. 20–21-к-дагы Корея кино тармагынын чеберлери: Пак Хван Су («Күндүн чыгышы», 1999, ЭКФ сыйл., Локарно), Чан Сон У («Калп», 1999), Ли Чхан Дон («Оазис», 2002,

ЭКФ сыйл., Венеция), ж. б. 1996-жылдан Пусанда, 2000-жылдан Чонжоуда жыл сайын Эл аралык кинофестивалдар өтүп турат.

Ад.: *Юн И.* 80 лет истории корейской архитектуры западного стиля. Сеул, 1966 (на кор. языке); Страны и народы Зарубежной Азии. Восточная и Центральная Азия. М., 1982; Алаеева Н. Н. Современные ландшафты зарубежной Азии. М., 2000; Корея. Карманная энциклопедия. М., 2000; *Ли Ги Бек.* История Кореи: новая трактовка. М., 2000; *Курбанов С. О.* Курс лекций по истории Кореи: с древности до конца XX века. СПб., 2000; *Толстокулаков И. А.* Очерк истории Корейской культуры. Владивосток, 2002; *Марков В. М.* Искусство Республики Корея второй половины XX в. Владивосток, 2002; *Чжан Хо О.* Истоки корейского театра. М., 2003; Корея. Корейская Республика//Большая Российская энциклопедия. Т. 15. М., 2010.

КОРЕ́Я, Корей Элдик Демократия Республикасы, КЭДР (Чосон Минжужуый инмин конгхвагук) – Чыгыш Азиядагы мамлекет, Корей ж. а-нын түн. болүгүн ж-а материктин бир аз чет-жакасын ээлейт. Батышынан Сары деңиз, чыгышынан Япон деңизи м-н чулганат (жээк сызыгынын жалпы уз. 2495 *км*). Түндүгүнөн Кытай, Россия (Туманган д. аркылуу), түштүгүнөн Корей Респ. м-н чектешет. Аянты 122,8 миң *км*². Калкы 23,9 млн (2009). Борбору – Пхеньян. Расмий тили – корей тили. Акча бирдиги – вона. КЭДР адм.-айм. жактан 9 провинциядан, 1 шаардан, 1 борборго баш ийген райондон турат (к. таблицаны). Кэсон (Түш. Хванхэ провинциясы) ж-а Кымган (Канвондо провинциясы) атайын экон. зоналары, о. эле өзгөчө баш ийүүдөгү – Нампхо ш. (Түш. Пхёнан провинциясы) өзүнчө адм. статуска ээ.



КЭДР – БУУнун (1991), Бейтарап уюмдарынын (1975) мүчөсү.

Мамлекеттик түзүлүшү. КЭДР – унитардык мамлекет. Конституциясы 1972-ж. 27-декабрда кабыл алынган. Башкаруу формасы – соц. республика. Мамл. бийликтин жогорку органы – бир палаталуу Жогорку элдик чогулуш (ЖЭЧ), 5 жылга шайланат. ЖЭЧ Коргоо к-тинин тарагасын ж-а анын орун басарларын дайындайт же кызматтан алат; мамл. бюджетти ж-а эл чарбасын өнүктүрүүнүн мамл. планын бекитет; эл аралык келишимдерди ратификациялайт ж-а денонсациялайт; мыйзамдарды кабыл алат; конституциянын аткарылышын көзөмөлдөйт ж. б. ЖЭЧти анын президиуму жетектейт. Президиумдун төрагасы ички ж-а тышкы саясатта мамлекеттин кызыкчылыгын коргойт; дипл. окулдөр м-н элчилердин ишеним грамоталарын кабыл алат ж-а тапшырат ж. б.; КЭДРдин Мамл. коргоо к-ти мамл. бийликтин жогорку аскер жетекчиси ж-а мамл. коргоо башкармалыгынын органы болуп эсептелип, аны төрага жетектейт. Мамл. бийликтин жогорку адм.-аткаруучу органы – өкмөт. Кабинет төрага, төраганын орун басарлары, министрлерден турат. ЖЭЧке жооптуу. Негизги партиясы: К. эмгек партиясы (КЭП).

Административдик-аймактык бөлүнүшү (2009)

Провинциялары	Аянты, *км*²	Калкы, миң	Адм. борбору
Канвондо	11,3	1523,3	Вонсан
Пхеньян*	2,7	4047,5	
«Расон» соода-экономикалык зонасы**	0,8	146,8	
Түндүк Пхёнан (Пхёнан-Пукто)	12,4	2382,2	Синыйжу
Түштүк Пхёнан (Пхёнан-Намдо)	12,5	4251,4	Пхёнсон
Түндүк Хамгён (Хамгён-Пукто)	16,4	2061,6	Чхонжин
Түштүк Хамгён (Хамгён-Намдо)	18,1	3265,4	Хамхын
Түндүк Хванхэ (Хванхэ-Пукто)	9,2	1809,3	Сариwон
Түштүк Хванхэ (Хванхэ-Намдо)	8,7	2616,1	Хэжу
Чагандо	16,6	1138,5	Канге
Янгандо	14,1	663,5	Хесан

*Борборго баш ийген шаар.
**Борборго баш ийген район.

Табияты. Япон деңизинин жээги тоолуу, негизинен абразия-аккумуляциялык ж-а абразиябухта тибинде, Сары деңиздин жээги түн.-батышында – түзөн, кумдуу, Нампхо ш-нан түштүктү карай – риас тибинде. Өлкөнүн аймагынын $^4/_5$ бөлүгүн тоолор ээлейт. Түндүгүндө кокту-колот, терең капчыгайлуу орто бийиктиктеги *Түндүк Корей тоолору* байыркы тайпан жонборду түзгөн боксо тоолор м-н кезектешип жатат. Түн.-чыгышында Кытай м-н чек арага жакын базальттуу Чанбайшань боксо тоосу жатат, анда өлкөнүн эң бийик чокусу – Пэктусан (2750 *м*) жайгашкан. Корей ж. а-нын чыгышында *Чыгыш Корей тоолору* созулуп жатат. Жапыз дөбө-дөңсөөлөр м-н токол тоолордун айрым бөлүктөрү Сары деңиздин жээктерине чейин жетет. Ири түздүктөрү (Пхеньян, Хамхын ж. б.) негизинен деңиз жээктей жайгашкан. Өлкөнүн басымдуу бөлүгү байыркы *Кытай-Корей платформасынын* түн.-чыгыш чет-жакасында жайгашкан. КЭДРдин маанилүү кен байлыктары: жез (өлкөнүн түндүгүндө), алтын (Түн. Хванхэ, Түш. Пхёнан, Түш. Хамгён

провинцияларында), коргошун, цинк (өлкөнүн түн., түн.-чыгыш, борб. бөлүктөрүндө), вольфрам (Маннён), молибден (Пусон), темир (ирилери өлкөнүн түн.-чыгышында ж-а батышында), көмүр, магнезит, графит, пирит, флюорит ж. б.

Мелүүн муссондук климат мүнөздүү. Түн. бөлүгүндө континенттик климат даана байкалат: кышында түн. ж-а түн.-батыштан азия антициклонунун абасы (континенттик муссон) кирип, муздак, ачык ж-а кургак аба ырайын пайда кылат. Чыгыш жээги батышына караганда жылуураак, анткени Чыгыш Корей тоолору аны муздак континенттик муссондон тосуп турат. Январдын орт. темп-расы түндүгүндө −21°Сден тоолордо −40°Сге чейин төмөндөшү ыктымал), түштүгүндө −7°Сге чейин. Түн. Корей тоолорунда кышында туруктуу кар катмары пайда болот. Эң жылуу айынын (август, айрым жерлеринде июль же июнь) орт. темп-расы түндүгүндө 22°С, түштүгүндө 24°С. Жайкы дениздик муссон июндан октябрга чейин жаан-чачынды мол алып келет. Жаан-чачындын жылдык орт. өлчөмү түздүктөрдө түндүктөн түштүктү (600–1400 *мм*), тоолордо бийиктеген сайын (900–1000 *мм*) өсөт. Жайдын аягында ж-а күзүндө аймактын кыйла бөлүгү тайфундун таасиринде болот.

Дарыя тармактары жыш. Аймагынын басымдуу бөлүгү Сары дениздин алабына кирет. Негизги дарыялары: Амнокан (Ялунцзян; уз. 790 *км*), Тэдонган (400 *км*). Япон денизине негизинен тоолордон башталган кыска дарыялар, о. эле өлкөдөгү эн ири дарыялардын бири – Туманган куюп, КЭДРдин түн.-чыгыш чек арасы аркылуу агат (уз. 520 *км*ден ашык). Ири дарыяларынын кыйла бөлүгү кеме каттоого ыңгайлуу. Дарыяларынын көбү жамгыр же кар-жамгыр сууларынан куралат; түндүгүндө көп дарыялары тонуп калат. Дарыялары кышында тартылып, жайында ташкындайт. Аймак гидроэнергия ресурстарына бай. Дарыя агымын жөнгө салуу, ирригациялык, суу м-н камсыз кылуу максатында гидротех. курулмалар арбын салынган. Эң ири суу сактагычы – Супхунхо (толук көлөмү 12 *км*³) Амноккан д-нда курулган. Айдоо жеринин 73%и сугарылат. Жыл сайын калыбына келип туруучу суу ресурстары 77 *км*³ди түзөт. Өлкөнүн ар бир тургунуна жылына 3,4 миң *м*³ суу туура келет.

Флорасы татаал өсүмдүктөрдүн 3 мингe жакын түрүнөн турат; анын 10%и – эндемиктер. Мурда аймагынын басымдуу бөлүгүн каптаган токой 20-к-да толугу м-н кыйылып жок болгон. Азыркы токойлуулук 68%ти түзөт (көчөт отургузуунун эсебинен); жерг. токой негизинен тоолуу аймактарда гана сакталган. Калк жыш отурукташкан ж-а жери ургаалдуу пайдаланылган түздүктөрдө маданий өсүмдүктөр басымдуу. Токойду кыюудан эрозия ж-а суу ташкыны күчөгөн. Түн. Корей тоолорунун этек бөлүгүндө (500–



Тоонун ийне жалбырактуу токою.

800 *м* бийиктикте) жазы жалбырактуу, негизинен эмен токою таралган. Анын астында көнур (бурозём) топурак өөрчүгөн. Андан жогору кызыл карагай, корей кедри аралаш ийне-жазы жалбырактуу токой үстөмдүк кылат; ийне жалбырактуу токойдун (карагай, көк карагай, кара карагай) ири массивдери кездешет; бул тилкенин астында тоонун иллювий-темирлүү күл топурактары өөрчүгөн. Кэма бөксө тоосунда баалуу кызыл карагай, корей кедри ж-а көк карагай өскөн кедр-көк карагайлуу токой массивдери бар. Токой 2000 *м* бийиктикке чейин өсөт. Эң бийик кырка тоолордун капталдарын эзлеген ийри-буйру өскөн таш кайын, жапалак кедрдин бадалдарынан, рододендрондон турган токой 2500 *м*ден жогору мамык чөп-эңилчектүү тундрага ж-а алып шалбаасына өтөт. Чыгыш Корей тоолорунун жазы жалбырактуу токою түргө өтө байлыгы м-н өзгөчөлөнөт; анда эмен, жөкө дарак, ак чечек ж. б. породалардын бир нече түрү бар. 1500–2000 *м* бийиктиктен жогору карагай-көк карагайлуу токой үстөмдүк кылат.

Ири сүт эмүүчүлөрдөн (100дөн ашык түрү бар, анын 12си жоголуу алдында турат) жетүүгө татаал токойлуу аймактарда ТКЭСтин Кызыл китебине кирген амур жолборсу, кабылан, ак төш аюу, туяктуулардан – уссури чаар бугусу, горал, кабарга кездешет. Түлкү, карышкыр, кундуз ж. б. кенири таралган. Уялоочу куштардын 138 түрү бар, алардын 25и жоголуу алдында турат. Жээк зонасы орнитофаунага (кытан, даур турнасы, куназ, каз, ордок, ак чардак, кара каз, баклан ж. б.) өтө бай. Сойлоочулардын 20, жерде-сууда жашоочулардын 17 түрү бар. Жээк суусу биол. ресурстарга (балык, краб, креветка, дениз кирписи, моллюска ж. б.) бай.

Өлкөнүн жалпы аянтынын 2,6%ин 30дан ашык корголуучу табигый аймак эзлейт. Эки коруктун аймагы (Пэктусан ж-а Кувольсан тоолору) ЮНЕСКОнун биосфералык резерватына киргизилген. Түн. кендиктин 38'ун бойлой кеткен демилитаризация зонасында жазылыгы 4 *км* болгон тилкеде жапайы жандыктардын жашоосу үчүн ыңгайлуу шарт түзүлгөн.

Калкы. Өлкөнүн калкынын басымдуу бөлүгү (99,7 %и) – корейлер; о. эле кытайлар (0,2%и), филиппиндер, монгол, орус, вьетнам ж. б. улуттар да бар. Төрөлүүнүн төмөндөөсүнөн калктын санынын өсүү темпи басандоодо. Төрөлүү 1000 адамга 14,6 бала, [illegible]ум-житим 7,3 адам туура келет. Фертилдүүл[illegible] 1 аялга 2 бала. Сырткы миграция дээрлик[illegible]кко эсе. 1990-жылдардын 2-жарымынан ко[illegible]ко эмиграция (негизинен Кытай м-н Корей [illegible]сп-на качуу) күчөгөн. 15 жашка чейинки ө[illegible]рүмдөр өлкөнүн калкынын 22,9%ин, эмгекке [illegible]рамдуу курактагылар (15–64 жаштагылар) 6[illegible]%ин, 65 ж-а андан улгайгандар 8,8%ин тү[illegible] (2008). Орто эсеп м-н 100 аялга 95 эркек ту[illegible] келет. Өмүрдүн күтүлгөн орт. узактыгы 72,[illegible] жыл (эркектердики 69,5, аялдардыкы 75,1 жыл; 2008). Калкынын орт. жыштыгы салыштырмалуу жогору: 1 *км*² жер-



Пхеньяндын борбордук бөлүгү.

ге 194,7 адам (2009). Эң жыш отрукташкан жерлери – Түш. Пхёнан (339,2 адам), Түш. Хванхэ (299,7 адам); эң сейрек отурукташкан жерлери – өлкөнүн түндүгү. Шаар калкы 60% (2007). Ири шаарлары: Пхеньян (калкы 3198,9 миң; 2009), Хамхын (580,9 миң), Нампхо (467,0 миң), Хынам (359,6 миң), Кэсон (351,5 миң), Вонсан (340,2 миң), Чхонжин (329,4 миң), Синыйжу (285,9 миң), Хэжу (227,2 миң), Кангэ (207,8 миң) ж. б. Иштеген калктын 63%тейи о. ж. м-н тейлөө чөйрөсүндө, 37%тейи а. ч., токой ж-а балык чарбаларында эмгектенет.

Тарыхы. КЭДР 1948-ж. 9-сентябрда түзүлгөн. Министрлер кабинетинин төрагалыгына Ким Ир Сен дайындалган. Конституциясы КЭДР жарыяланган күндөн күчүнө кирген. КЭДР 1948-ж. СССР, 1949-ж. КЭР м-н дипл. мамилелерди түзгөн. Корей согушу (1950–53) бүткөн соң, КЭДР өкмөтү бүлүнгөн чарбаны калыбына келтирүү ж-а андан ары өнүктүрүүнүн, соц. кайра түзүүлөрдү жүзөгө ашыруунун 3 жылдык планын (1954–56) бекиткен. Эл чарбасын өнүктүрүү планында о. ж. ж-а а. ч. өндүрүшүн калыбына келтирүү, аны согушка чейинки деңгээлине жеткирүү гана эмес, эл чарбасын андан ары бир кыйла даражада жаңыдан куруу да каралган. 1954-ж. ноябрда К. эмгек партиясынын БКнын пленумунда коллективдештирүү (1954–59), 1956-ж. апрелде индустриялаштыруу (1956–61) ж-до чечим кабыл алынып, эл чарбасын өнүктүрүүнүн 5 жылдык планы иштелип чыккан. Бул пландын ийгиликтүү ишке ашышына көмөк көрсөткөн өнөктөрү – СССР ж-а Кытай болгон. 1959-жылдары КЭДР алар м-н достук, өз ара жардамдашуу ж-а кызматташуу ж-до келишимдерди (1961-ж. 6-июлда СССР, 1961-ж. 11-июлда КЭР м-н) түзгөн. Өлкөнүн саясий ж-а экон. курулушунун башында К. эмгек партиясы (КЭП) турган. 1950–60-жылдары КЭП жетекчилиги үчүн саясий күрөштө бийликке кайрадан Ким Ир Сен келген. Ал КПССтин саясий курсун сындап, СССР м-н экон. ж-а аскер байланыштарын чектеген. 1972-ж. 4-июлда КЭДР м-н Корей Респ-нын өкүлдөрү эки өлкөнү бириктирүүнүн шарттарын аныктаган Биргелешкен билдирүүгө кол коюшкан. Бул маселе тышкы күчтөрдүн кийлигишүүсүз, улуттук консолидациянын негизинде ж-а тынчтык жол м-н ишке ашырылууга тийиш болгон.

1972-ж. КЭДР жаңы Конституция кабыл алып, өлкөгө президент кызматын киргизген (алгачкы президенти Ким Ир Сен болгон). ЖЭЧ Президиуму ж-а Министрлер кабинети жоюлуп, Борб. элдик к-т (БЭК) ж-а премьер-министр жетектеген адм. кеңеш түзүлгөн. 1974-ж. БЭК бардык салыктарды жоюу ж-до мыйзам кабыл алган. 1970-жылдары КЭДРдин расмий идеологиясы – чучхе доктринасы жарыяланган. КЭДРде ядролук изилдөөлөр активдештирилип, 1974-ж. Атом энергиясы б-ча эл аралык агенттикке кирип, ядролук программаларды ишке ашыруу үчүн КЭРден жардам сураган. 1980-жылдары өлкөдөгү экон. кризис, о. эле АКШ м-н болгон мамиленин курчушу КЭДРдин СССР, КЭР, Чыгыш Европа өлкөлөрү ж-а Корея Респ. м-н байланышын кеңейтүүгө шарт түзгөн. 1984-ж. Ким Ир Сен СССР, Германия Демокр. Респ., Венгрия, Польша, Румыния, Болгария ж-а Югославия өлкөлөрүнө барып, кызматташууну өнүктүрүү ж-до келишимдерге кол койгон.

1994-ж. июлда Ким Ир Сен өлгөндөн кийин өлкөнү анын уулу – Ким Чен Ир (1997-жылдан КЭП БКнын генералдык секретары) жетектеген. 1998-ж. Конституцияга өңдөөлөр киргизилип, КЭДР Президентинин кызматы, БЭК ж-а Адм.

КОРЕЙ ЭЛДИК ДЕМОКРАТИЯЛЫК РЕСПУБЛИКАСЫ



кеңеш жоюлуп, Мамл. коргоо к-тинин укуктары кеңейтилип, ЖЭЧ Президиуму ж-а Министрлер кабинети калыбына келтирилген. Ким Ир Сен КЭДРдин «түбөлүк президенти» деп жарыяланган. 1990-жылдары өлкөнүн экономикасы төмөндөп, элдин социалдык абалы начарлаган. Бирок КЭДР өкмөтү аскер ишине өзгөчө көңүл буруп, финансы жактан каржылап, 1998-ж. үч баскычтуу баллистикалык ракетаны сыноодон өткөргөн. 2000-ж. июнда КЭДР м-н Корей Респ-нын мамлекет башчылары – Ким Чен Ир ж-а Ким Дэ Чжун жолугушуп, эки мамлекетти бириктирүү ж-дө декларацияга кол коюлган. 2002-ж. КЭДР жетекчилиги экономика чөйрөсүнө өзгөртүүлөрдү киргизген. Өлкөдө мамл. зайымдардын облигациялары чыгарылып, вонанын рынок курсу киргизилип, о. ж. ишканаларына ж-а а. ч. кооперативдерине пландан ашык чыгарылган продукцияларын өз алдынча колдонууга мүмкүнчүлүк берилген.

2002-ж. 13-декабрда КЭДР өкмөтү ядролук программаларды жаңыртууга ж-а ядролук реакторду курууну улантууга ниеттенгенин билдирген. 2006-ж. 9-октябрда ядролук куралдарды сыноону жарыялагандан кийин, 14-октябрда БУУнун Коопсуздук кеңешинин чечими м-н КЭДРге каршы эл аралык санкциялар киргизилген. 2007-ж. октябрда Пхеньянда өткөн корейлер аралык саммитте эки мамлекеттин ортосунда экон. ж-а гуманитардык кызматташууларды кеңейтүү б-ча тынчтык келишими түзүлгөн. 20[illegible]-ж. эки мамлекеттин ортосундагы кызматташуунун өнүгүшүн ядролук куралсызданууга байланыштырган жогорку деңгээлдеги жолугушуулар Корей Респ-нда бийликке Ли Мён Бак жетектеген жаңы администрациянын келиши м-н токтогон. 2009-ж. КЭДРдин ядролук куралдарды оңуктүрүү б-ча жасаган иш-аракеттери БУУнун Коопсуздук Кеңеши тарабынан айыпталган.

Чарбасы. КЭДРдин экономикасында «өз күчүнө таянуу» курсу жүргүзүлүүдө (анда оор о. ж-н өнүктүрүүгө артыкчылык берилет). 2002-жылдан ИДПнин өнүгүүсү байкалат (2002-ж. 1,2%; 2005-ж. 2,9%). Ошол эле учурда электр энергиясы, сырьё, түрдүү материалдар, о. ж. жабдуулары, азык-түлүк жетишпейт; өндүрүш каражаттарынын көбү эскирген. 2000-жылдардын ортосунан баштап банк сектору, кеме куруу, фармацевтика продукцияларын ж-а керектоо товарларын чыгаруу б-ча көптөгөн (айрыкча Кытай, Корей Респ-нын компаниялары м-н) биргелешкен ишканалар уюшулган. 1960-жылдардан расмий статистикалык маалыматтар жарыяланбайт, бардык маалыматтар баа берүү мүнөзүндө (эл аралык уюмдардын, түш. корей маалыматтары). ИДПнин көлөмү 40 млрд доллар (2008), аны киши башына бөлүштүргөндө 1800 доллардан тура келет. ИДПнин структурасында о. ж-нын үлүшү 43,1%, тейлоо чөйрөсүнүкү 33,6%, а. ч-ныкы 23,3% (2002). ИДПнин 2008-жылдагы өнүгүүсү терс мааниде (–1,1%) болгон.

Ө. ж-нын башкы тармактары – минералдык сырьёлорду өндүрүү, электр-энергетика, металлургия, машина куруу, химия, цемент, токой ж-а жыгач иштетүү. Аскердик багыттагы продукцияларды чыгаруунун мааниси зор. Таш көмүр казып алуу кыскарууда (1990-ж. 50 млн *т*, 2002-ж. 15 млн *т*); жылына 25–30 млн *т* күрөн көмүр казылып алынат. 2007-ж. 21,72 млрд *кВт·с* (1990-ж. 55,5 млрд) электр энергиясы өндүрүлгөн. Электр энергиясынын негизин ГЭС

ж-а көмүр м-н иштеген ЖЭС түзөт. ГЭС каскаддары Тэрёнган д-нда (жалпы кубаттуулугу 750 миң *кВт*) ж-а Туманган д-нын куймаларында (482 миң *кВт*) курулган. Ири шаарларда жылуулук электр борборлору иштейт. КЭДРде электр энергиясы өтө танкыс; тиричиликти энергия м-н камсыз кылууда үзгүлтүктүүлүк мүнөздүү (Пхеньян ш-нан башкасында). Электр м-н камсыз кылуу системасы ж-а тармагы өтө эскирген. Жаңы Кэсон, Мунсан электр өткөргүчү Корей Респ-нын энергия системасы м-н туташтырылган. Деңиз [illegible]тору ж-а нефть куурлары аркылуу Ж. Чыгыш өлкөлөрүнөн, Кытайдан ж-а Корей Респ-нан нефть продуктулары импорттолот. Кара металлургиянын сырьёлук базасын 2 ири – Мусан ж-а Ыллюль темир кендери түзөт. Мусанда кен ачык жол м-н казып алынып, 2 ф-када ылганып, андан темир кенташтуу концентрат конвейер кууру (уз. 98 *км*) аркылуу Чхонжин металлургиялык з-дуна жеткирилет да, андан ары Кытайга жөнөтүлөт. Ыллюль кенинин кенташы Сонимдеги металлургия з-дуна ж-а Кансо ш-ндагы болот куюучу з-дго жеткирилет. Кара металлургиянын ири ишканалары Чхонжин, Кимчхэк, Сонним, Нампхо, феррокуйма з-ду Пурён ш-нда жайгашкан. КЭДРде түстүү металл кенташтары (цинк, коргошун, жез, никель, вольфрам, молибден) казылып алынат. Түстүү металлургиянын негизги борборлору: Нампхо, Мунчхон, Хэжу, Мунпхён, Танчхон. Машина куруу о. ж. негизинен куралдарды, аскердик техниканы ж-а ок-дары чыгарууга багытталган. Түрдүү артиллерия куралдарын (артиллерия ж-а зенит куралдары, миномёт, пулемёт, автомат ж. б.), о. эле танк, орто ж-а жакын аралыктагы ракета, аскер кемелерин, суу асты м-н жүрүүчү кайык, аскер автомобилдерин ж. б. чыгарат. О. эле тоо-кен жабдууларын, электроника буюмдарын, станок, жол куруу техникасын (экскаватор, кран, гидравлика жабдууларын), а. ч. техникасын (трактор, бульдозер, трактор тетиктерин), жыгач даярдоочу техника, тектиль жабдууларын чыгаруучу ишканалары бар. Трансп. машина куруу о. ж-на электровоз, локомотив, т. ж. вагондорун, кеме, автомобиль (жүк ташуучу автомобиль, автомобиль кураштыруучу – женил, пикап, жүк ташуучу чакан машина з-ддору), троллейбус, автобус, велосипед чыгаруучу ишканалар кирет. Химия о. ж. синтездик була, минералдык жер семирткич (калий, азот фосфор), синтездик чайыр, каустикалык сода, боёк, этилен, полиэтилен, камыштан була, резина-тех. продукциялары, автомобиль шинасы, фармацевтика буюмдары ж. б. продукцияларды чыгарат. Цемент (2002-ж. 4 млн *т* өндүрүлгөн), кыш, айнек, фарфор, карапа буюмдарын чыгаруучу ишканалар иштейт. Өлкөнүн түн. болүгүнүн тоолуу аймактарында жылына 600 миң $м^3$ жыгач даярдалат.



Пхеньяндагы кийим тигүү фабрикасы.

Целлюлоза-кагаз о. ж. иштейт. Текстиль о. ж. жүн кездеме, тигүү ж-а трикотаж буюмдарын чыгарат. Бут кийим, азем белек даярдоочу ишканалары бар. Тамак-аш о. ж-нда күрүч актоо, ун, кант, балык, балык-консерва, шарап, пиво, тамеки даярдоо ишканалары иштейт.

21-к-дын башталышынан өлкөнүн аймагынын 14% аянты иштетилет (1990-жылдары 20%). Пайдаланылуучу жердин негизги массивдери батыш ж-а чыгыш жээктериндеги түздүктөрдү ээлейт. Шор баскан ж-а кургакчыл жерлеринде ирригациялык иштер жүргүзүлгөн. 2000-жылдардын башталышында айдоо жердин 70%ке жакыны сугарылган. 1960–90-жылдары мамл. ж-а кооперациялык ири чарбалар басымдуулук кылган. Минералдык жер семирткичтер көп чачылгандыктан (шалы палдарынын 97% аянтына жер семирткич пайдаланылган), топурак деградацияга дуушарланып, агын суу, көлдөр булганган. 1990-жылдардын ортосунан а. ч. техникасын пайдалануу ж-а жер семирткич чачуу кескин кыскарган; 21-к-дын башында а. ч. иштери дээрлик кол м-н жүргүзүлгөн. 2002-жылкы реформада коллективдүү чарбанын ордуна үй-бүлөлүк ж-а жеке чарбалар түзүлө баштаган. 1990-жылдардын ортосу – 2000-жылдардын башталышындагы табигый кырсыктар (кургакчылык, суу каптоо) азык-түлүктүн танкыстыгына алып келди. КЭДРге Батыш Европа өлкөлөрү, АКШ, Корей Респ., Япония, Кытай азык-түлүктөн жардам бере баштады.

Өсүмдүк айрыкча дан эгиндерин өстүрүү өнүккөн. Негизинен күрүч (шалы талаасынын аянты 840 миң *га*; 2007), жүгөрү эгилет. Дыйканчылыктын негизги аймагы – батыштагы түздүктөрдө, анда шалы, жүгөрү, буудай, арпа, дан буурчак, соя, өлкөнүн түн. болүгүндө сулу, кара буудай, тамеки, ак жүгөрү, гаолян өстүрүлөт. Чыгыш тоолуу жээктеринде тех. өсүмдүктөр: пахта, кант кызылчасы, тамеки, күн карама, кунжут, рапс, түндүгүндө картошко, түштүгүндө батат өстүрүлөт. Капуста, помидор, бадыран, сарымсак, ашкабак, түрп жылына 2–3 жолу түшүм берет. Ба-



Өлкөнүн батышындагы шалы талаасы.

тыштагы түздүктөрдө ж-а тоо этектеринде алма, алмурут, өрүк, шабдаалы, кайналы, алча өстүрүлөт. Жибекчилик бардык жерде өнүккөн; женьшень, дары чөптөр чогултулат.

2007-ж. 3,2 млн чочко, 2,7 млн эчки, 0,57 млн бодо мал, 0,17 млн кой, 21 млн үй кушу асыралган. Бодо малы негизинен а. ч-да күч унаа катары пайдаланылат. Токой аянты 4,3 млн *га*, анын 3,7 млн *га*сы жетүүгө татаал жерлерде болгондуктан, жыгач даярдалбайт. Япон ж-а Сары деңиздерден балык (2007-ж. 268,7 миң *т*; минтай, иваси, сайда, сардина, сельд, тунец, макрель) кармалат. Сары деңизден креветка, кальмар, осьминог, устрица, краб, трепанга кармалат, деңиз балыры чогултулат. Колмолордо карп, канада форели өстүрүлөт.

Тейлөө сектору. КЭДРдин улуттук банкы – Кореянын «Чосон» Борб. банкы (1946) акча каражаттары м-н камсыз кылат, мамл. бюжетти түзөт; бардык провинцияларда, шаарларда ж-а уезддерде жерг. өкүлчүлүктөрү (227) иштейт. Соода банкы (1959) сырткы соода операцияларын тейлейт. Атайын банктар, соода-экон. («Расон») атайын экон. зона түзүлгөн. Туризм анча өнүккөн эмес; чет элдик туристтердин КЭДРге келишине чек коюлган. 2002-ж. 400 миңдей турист келген (негизинен Корей Респ., Кытай, Россия, Япониядан келгендер); туризмден түшкөн киреше 150 млн доллар чамасында. Ички туризмин негизинен «кызыл туризм» (Ким Ир Сендин ж-а Ким Чен Ирдин рев-ялык иштерине байланыштуу жерлерди кыдыруу) ж-а дарылоодон соолук чыңдоо объектилери түзөт.

Транспорту. Жүктүн ж-а жүргүнчүнүн негизги болүгү т. ж. аркылуу ташылат. Т. ж-нун уз. 5,24 миң *км* (2006), анын 3,5 миң *км*и электрлештирилген (2000). Т. ж. батышындагы түздүктөрдө жыш, түндүгүндө ж-а түш.-чыгыш чет-жакасында салыштырмалуу сейрек. Ири т. ж. түйүндөрү: Пхеньян, Чхонжин; о. эле Хамхын, Вонсан, Саривон, Нампхо, Синыйжу. Автомобиль жолунун уз. 75,5 миң *км*. 1970–2000-жылдары ылдам жүрүү автомагистралдары (уз. 653 *км*) курулган. Велосипед транспорту (а. и. 3 доңголоктүү жүк велосипеди) өнүккөн. Деңиз транспорту сырткы соода жүктөрүнүн көбүн ташыйт. Ири порттору: Нампхо, Чхонжин, Хыннам, Нажин. Дарыя жолунун жалпы уз. 2253 *км*. 77 аэропорту бар; башкы эл аралык аэропорту – Сунан. Пхеньянда метрополитен иштейт.

Сырткы соодасы. Экспортунун наркы 1466 млн, импортунуку 2979 млн доллар (2006). Экспортко антрацит, темир кен, балык концентраты, болот, түстүү металлдар, алтын, цемент, жибек ж-а жибек буюмдары, деңиз продуктуларын чыгарып, сырттан нефть ж-а нефть продуктуларын, кокстолуучу көмүр, жыгач, азык-түлүк (негизинен күрүч), машина куруу продуктуларын (а. и. электрондук буюмдар), минералдык жер семирткич алат. Ири соода шериктери: Кытай, Корей Респ., Россия.

Билим берүүсү. 1975-жылдан жалпыга милдеттүү 11 жылдык акысыз билим берүү киргизилип, ал бир жылдык мектепке чейинки, 10 жылдык мектепте (4 жылдык башталгыч, 6 жылдык орто) билим берүүнү камтыган. Кесиптик-тех. билим берүү орто билим берүү м-н айкалыштыра жүргүзүлөт. 15 жашка чейинки калктын сабаттуулугу 99%ти түзөт (2008). 1991-жылдан жогорку билим берүүнү реформалоо жүзөгө ашырылууда. 1995-ж. жогорку билимди реформалоонун долбоору ишке кирген. КЭДРде ун-ттер, мугалимдер ж-а тех. ин-ттары, адистештирилген коллеждер иштейт. Башкы ил. мекемелери, ЖОЖдору, китепканалары ж-а музейлери, а. и. ИА (1952), Ким Ир Сен ат. ун-т (1946) Пхеньян ш-нда жайгашкан.

Массалык-маалымат каражаттары. Күн сайын жалпы тиражы 5 *млн*го жакын 11 наамдагы гезит чыгат (2008): «Минчжу Чосон» (1946), «Нодом синмун» (1945), «Чосон инминғун» (1948), «Нодон чхоннен» (1948) ж. б., «Кыллоджа», «Чхоллима», «Чосон есуль», чет тилдерде чыгуучу «Корея», «Korea Tyday» ж. б. журналдары бар. Радиоуктаруусу (1945-жылдан) КЭДР Борб. ж-а Пхеньян радиостанциялары ишке ашырат. Телекөрсөтүүнү 1967-жылдан Борб. ж-а 1971-жылдан Кэсон телекөрсөтүүсү жүргүзөт. Мамл. маалымат агенттиги – Корея телеграф агенттиги негизделген.

Адабияты. К. 1948-ж. КЭДР түзүлүп, ад-ты социализм, жаңы мамлекетти куруу идеяларын пропагандалаган (Сон Ён, Пак Се Ён). 1946-ж. Пхеньянда Түн. К. ад-т ж-а иск-во ишмерлеринин союзу негизделет. Анын негизги ишмерлери Түштүктөн Түндүккө саясий көз карашына байланыштуу өткөн адабиятчылар (Ли Ги Ён, Хан Со Ря ж. б.) болушкан. Алгачкы жылдары сов. жоокерлердин эрдигине арналган поэтикалык чыгармалар пайда болгон (Пак Пхар Яи, Чо Ки Чхон). Чо Ки Чхондун япондорго каршы партизандык кыймыл ж-догу (1930-жылдар) «Пэктусан тоолору» (1947) эпикалык поэмасы



КЭДРдин акчасы – *вон*.



ж-а көп ырлары интернационалдык духта жазылган. Корея согушу (1950–53) ж-а согуштан кийинки мезгилдеги ад-т согуштун кесепеттерин көрсөтүүгө, чар-баны калыбына келтирүүгө арналган. Совет ад-тынын салтын жолдоп, КЭДР жазуучулары публицистикага ж-а очеркке кайрылышкан. Көбүнчө карапайым адамдардын фронттогу ж-а тылдагы эрдигин сүрөттөшкөн (Пён Хи Гын, Ли Тон Жун); рев-ялык күрөштүн жетекчиси катары Ким Ир Сенди даңктаган чыгармалар жаралган (Ли Хи Чхан ж. б.). Поэзия да публ. маанайда кенири өнүккөн (Пак А Жи, Ли Чон Гу, Ли Чон Суль). 20-к-дын 2-жарымында партияны үгүттөө каражаты каралган ад-тта чучхе идеясы өнүккөн (Ли Пён Су, Ли Тон Жун, Пён Хи Гын). Корей Респ-ндагы капитализм сынга алынган (Ом Хын Соп). Авторлор коллективи жараткан ж-а япон баскынчыларына каршы рев-ялык күрөшто жумушчу табынын ролун баяндаган «Гүл сатуучу аял», «Кандуу деңиз» романдары кенири белгилүү.

Архитектурасы жана көркөм сүрөт искусствосу. 1950–53-жылдардагы Корея согушу бүткөндөн кийин арх-ранын өнүгүшү жапа чеккен шаарлар м-н кыштактарды калыбына келтирүүгө багытталган. Согуш жылдарында көркөм искводо агитациялык формадагы сатиралык плакаттар ж-а баракчалар чыгарылган. Согуштан кийин кайрадан корей салтындагы тушь ж-а суу боёк живописи: пейзаж ,«гүл-чымчык» (сүрөтчүлөр Чха Де До, Ли Сок Хо), тарыхый ж-а турмуштук жанрлар (Ким Ён Чжун, Ли Пхан Чхан) жандана баштаган. Турмуштук жанрдагы чыгармалар, Май живописи техникасында иштеген сүрөтчүлөрдүн о. эле графика, скульптура жаатындагы чыгармалар соц. реализмге жакындашкан. Жасалма-колдонмо өнөрүндө карапа ж-а фарфор буюм жасоодо, жыгачка ж-а соокко оюу салууда, бамбук, буласынан буюм согууда байыртадан сакталган ыкмалар жаңы тех. деңгээл м-н айкалыштырылган.

Музыкасы. Мамлекет түзүлүшүнүн алгачкы жылдарында муз. мад-т элдик ж-а массалык ырлардан турган. Муз. театрда негизги жанр – чхангык (классикалык муз. драма) ж-а кагык (улуттук салт м-н орус ж-а европ. театрдын тажрыйбасынын негизинде жаралган заманбап опера; композиторлор Ли Мён Сан, Хван Хак Хын). 1945-ж. Пхеньянда Чоң симф. оркестр (азыр мамл. симфон. оркестр) түзүлгөн. 1948-ж. Мамл. корком театр ачылып, биринчи жолу Ли Мён Сандын «Чхунхян кыз жөнүндө баян» операсы коюлган. 1949-ж. Пхеньянда консерватория ачылган, 1953-ж. КЭДР композиторлор союзу түзүлгөн. 1950–53-ж. К. согушу убагында Моранбон тоосундагы жер астындагы залда Ю. С. Мейтустун «Жаш гвардия» (1952), Ли Гон Унун «Менин бийиктигим», Пак Тон Силдин «Флоттун» опералары коюлган. 1955-ж. Мамл. көркөм театрдын жаңы имараты ачылып, КЭДРдин башкы муз. борбору болуп калды. Анда жаңы опералар, чхангык драмалары ж-а орус классикалык опералары коюлган. 1955-ж. Мамл. филармония уюшулган, өлкөнүн муз. турмушунда Корей элдик армиясынын ыр-бий, Пхеньян «Мансуде» ыр-бий, Корея эл аспаптар ансамбли зор роль ойногон. Пхеньянда салттык искусствонун Апрель фестивалы өтүп турат. 1980-жылдарда батыш музыкасынын элементтери кире баштаган. 2008-ж. КЭДРдин тарыхында биринчи жолу АКШнын симф. коллективи Нью-Йорк филармониялык оркестринин концерти болгон.

Театры жана бий өнөрү. 1947-ж. Пхеньянда Мамл. ыкчам (кийинчерээк Мамл. драма театр) ж-а анын алдында окуу жайы, 1948-ж. Пхеньян шаардык театры, Мамл. куурчак театры, 1949-ж. Жаштар театры, Жумушчу театры ж. б.

Спорттук майрамдын ачылышы.





Театрлаштырылган «Ариран» майрамынан көрүнүш.

түзүлгөн. Театр коллективдери башка провинцияларда да пайда боло баштаган. 1950–53-ж. Корея согушунун убагында аскер болуктөрүнө бригадалар оюн көрсөтүшкөн. Согуштан кийин Пхеньянда «Моранбон» театры курулган, 1960-ж. Чоң театр ачылган. 1946-ж. Пхеньянда бий студиясы, 1952-ж. Цой Сын Хинин жетекчилиги м-н Мамл. балет студиясы түзүлгөн. 1949-ж. тарыхый темадагы Чхве Ок Саманын «Паньволь чебинин баяны» балети жаралган. 1948-ж. Пхеньянда Мамл. көркөм театр уюшулуп, анда корей композиторлорунун балеттери коюлган (Хван Хак Кын, Ким Ён Гю, Им Гын Мён). Провинцияларда улуттук ж-а европ. салттарды бириктирген туруктуу муз.-хореогр. коллективдер түзүлгөн. Пхеньянда муз. ж-а драма театрлары иштейт: «Мансудэ» көркөм театры, Чыгыш-пхеньян Чоң театры, «Чхолима» мамл. драма театры, «Понхва» мамл. көркөм театры ж. б. Театр ж-а бий иск-восуна Ким Ван У, Ю Ын Ген, Ван Сен Хва, Цой Ен Ай, Тен Дек Вон, Ким Дях Ын, У Голь Сон ж. б. зор салым кошушкан.

Киносу. 1947-ж. Пхеньянда киностудия түзүлгөн (1948-ж. мамл.; 1958-ж. Көркөм ж-а даректүү фильмдердин корей киностудиясы). КЭДРде тартылган биринчи толук метраждуу фильм «Менин Мекеним» (1949). 1950–60-жылдарда кино иск-вонун негизги жанры тарыхый-революциялык фильмдер болгон. 1959-ж. КЭДРдеги биринчи экрандаштыруу жүзөго ашырылган («Чхунхян жөнүндө баян», реж. Юн Ён Гю). 1970–80-жылдары Ким Ир Сендин чыгармалары экрандаштырылган («Гүл салгыч», реж. Чхве Ик Кю ж-а Пак Хак), дидактикалык комедиялар, көп сериялуу киноэпопеялар («Белгисиз баатырлар», реж. Ю Хо Сон ж-а Чхве Нам Сон) болүнүп калган үй-бүлөлөрдүн азаптарын көрсөткөн фильмдер тартылган. 1980-жылдарда аскердик өнөрдүн



«Чхунхян жөнүндө баян» фильминен кадр. Юн Ён Гю. 1959.

элементтери колдонулган («Хон Гиль Дон», реж. Ким Гиль Ын, 1986), спорт [illegible]догу фильмдер чыгарылган. Түн. кореялык [illegible]инематографиянын өнүгүшүнө түш. кореялык [illegible]к. Син Сан Ок зор салым кошкон. («О, менин [illegible]үм», 1985; «Туз», 1985, Москва ЭКФтин сыйл[illegible] КЭДРде биринчи фантастикалык жомок («[illegible]ьгасар» фильми, 1985). 1990-жылдары 56 с[illegible]алуу «Улут жана тагдыр» киноэпопеясын тар[illegible]у жүзөго ашырылган. 1990–2000-жылдары «[illegible]адиондун жашыл талаасында» (2001, реж. Рим Чхан Бом), «Мектеп окуучусунун күнделүгү», (2003, реж. Чан Ин Хак) анимациялык «Император айым Чун» (2005) ж. б. фильмдери чыккан.

Ад.: *Ким Жен Хи.* Архитектура корейского народа // Советская архитектура. 1952. Сб. 2; *Прокофьев О. С.* Современное искусство социалистических стран Востока. М., 1961; Страны и народы Зарубежной Азии. Восточная и Центральная Азия. М., 1982; *Большов И. Г., Толорая Г. Д.* Корейская Народно-Демократическая Республика. М., 1987; Корейская Народно-Демократическая Республика. Справочник. М., 1988; *Бажанова Н. Е.* Внешнеэкономические связи КНДР. В поисках выхода из тупика. М., 1993; *Алексеева Н. Н.* Современные ландшафты зарубежной Азии. М., 2000; Корея: Карманная энциклопедия. М., 2000; Корейская литература с древнейших времен до начала XX в.: Краткий очерк. М., 2000; История Кореи (Новое прочтение). М., 2003; *Пак Чжон Чжу.* Влияние русской литературы и театра на развитие театра Северной и Южной Кореи // Театр. Живопись. Кино. Музыка. М., 2005. Вып. 2; *Жебин А. З.* Эволюция политической системы КНДР в условиях глобальных перемен. М., 2006; Большая Российская энциклопедия. Т. 15. М., 2010.

КОРЖЕНЕ́ВСКИЙ Николай Леопольдович [6(18). 2. 1879, Витебский губ., Завережье кыш. – 31. 10. 1958, Ташкент] – физ.-географ ж-а гляциолог, география илимд. доктору (1937), Өзбек ИАнын корр. мүчөсү (1947), Украин ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1939). О. Азия ун-тинин физ.-география кафедрасынын башчысы, проф. (1937), СССР география коомунун ардактуу мүчөсү (1955). Ил. изилдөөлөрү О. Азиянын физ.-географиясына арналган. Ал О. Азия мөңгүлөрүн кеңири изилдеп, алардын каталогун түзгөн (1930), 70тен ашык мөңгүнү ж-а бир нече чокуну алгачкы жолу изилдеген. К-дин ысмы м-н 3 мөңгү (Иле, Чоң Алай, Какшаал кырка тоолорунда) ж-а Чоң Алай кырка тоосундагы чоку аталган.

Ад.: Н. Л. Корженевский. Т., 1962; *Рацек В. И.* Н. Л. Корженевский. Т., 1977.

КОРЖЕНЕ́ВСКИЙ МӨҢГҮСҮ – Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталындагы эң ири мөңгү. Уз. 22,5 *км*, аянты 89,1 *км*². Кызыл-Суунун сол куймасы – Жанайдартак суусунун алабынан орун алган. Бутактанган тоо-өрөөн мөңгүлөрдүн тобуна кирет. Башы деңиз деңг. 6210 *м*, этеги 3880 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 5000 *м*, абляциясынын аянты 23 *км*². Ортоңку мореналар м-н бөлүнгөн бир нече тармактарынын биригишинен түзүлөт. «Тилинин» учу калын

морена м-н текши капталган. Мөңгү Н. Л. *Корженевскийдин* ысымынан аталган.

КОРИА́НДР (Coriandrum) – чатыр гүлдүүлөр тукумундагы эфир майлуу бир жылдык өсүмдүк. Сабагы (бийикт. 30–120 *см*) бутактанып өсөт. Жалбырагы ичке, жара тилик, гүлү ак же күлгүн, саргыч, чатыр[illegible]топ гүлгө чогулган. Мөмөсү тоголок данча (эки[illegible]). Сортуна жараша данында 0,2–1,4% эфир [illegible]28% май заттары бар. Көп жерде эгилет. К[illegible] өлкөлөрүнүн Борб. кара топуратуу аймак[illegible]да, Волга боюнда, Кавказ ж-а Украинада ос[illegible]рүлөт. Вегетация мезгили 110–125 күн, уру[illegible]8–10°С жылуулукта өсүп чыгат. К-дын майл[illegible]ан парфюмерия, кондитер ж. б. ө. ж. тармак[illegible]арында колдонулуучу жыттуу зат алынат. Майы техникада да керектелет. Жаш өсүмдүгү м-н мөмөсү татымал катары тамак-ашка (кинза) ж-а тоютка пайдаланылат. Зыянкечтери: К. урук жегичи; илдеттери: бактериоз, ламуляриоз ж. б.

КОРИ́НФ – Коринф мойногундагы байыркы грек шаар-мамлекети (полиси). Азыркы Коринф ш-нан 6 *км* түш.-батыш тарапта жайгашкан. К-ти казганда, б. з. ч. 2-миң жылдыкта калктын жашагандыгы далилденген. Аны болжол м-н б. з. ч. 10-к-да дорийлер негиздеген. Б. з. ч. 8–7-к-да К. Сиракузы, Керкира, Потидей сыяктуу колонияларга ээлик кылып, Милет, Кипр, Египет ж. б. мамлекеттер м-н соода жүргүзгөн. К-тин коло ж-а карападан жасалган көркөм буюмдарынын данкы алыска тараган. Б. з. ч. 8–6-к-да К-те олигархия м-н тирания бири-бирин алмаштырып турган. Тирандар Кипсел м-н Периандрдын учурунда (болжол м-н б. з. ч. 657–585) К. абдан өнүккөн. Б. з. ч. 6-к-дын аягында К. башында Спарта турган Пелопоннес союзуна кирген. Б. з. ч. 431–404-ж-дагы Пелопоннес согушунун чыгышына Афины м-н К-тин эрегишүүлөрү себеп болгон. Б. з. ч. 395–387-ж. К. күч-кубаттуу Спартага каршы Аргос, Фивы, Афины ж. б. полистер м-н бирге Коринф согушун жүргүзгөн. Эллин мезгилинде (б. з. ч. 338–197-ж.) К-ти македон аскерлери ээлеп, б. з. ч. 2-к-да римдиктерге каршы грек шаар-мамлекеттеринин согушуна катышкандыгы үчүн б. з. ч. 146-ж. римдиктер К-ти талкалап, калкын кулдукка саткан. Римдин Ахайя провинциясы түзүлгөндө (б. з. ч. 27-ж.) К. анын башкы шаарына айланган, бирок б. з. 395–521-ж. готтор талкалап, Юстиниандын тушунда К. кайрадан калыбына келтирилген. 1458-ж. осмон түрктөрү басып алган. 1858-ж. байыркы К. жер титирөөдөн дээрлик талкаланган. К-ти казуу иши 1896-жылдан жүргүзүлүп келет. Аполлон храмы, Аполлон ыйык участкасы ж-а гректер м-н римдиктердин турак жай кварталдары, храмдар, рим театрларынын көз бир бөлүктөрү сакталып калган.

КОРИ́НФ ОРДЕРИ, к. *Архитектуралык ордер.*

КОРИОЛИ́С КҮЧҮ – *инерция күчтөрүнүн* бири. Кыймылдуу системанын айлануусунун материалдык чекиттин *салыштырмалуу кыймылына* тийгизген таасирин эсептөө үчүн киргизилген. Фр. окумуштуу Г. Кориолистин ысымынан аталган. К. к. чекиттин массасы м-н Кориолис ылдамдануусунун көбөйтүндүсүнө барабар ж-а бул ылдамдануусуна карама-каршы багытталган: $\overline{F} = 2m[\vartheta, \overline{\omega}]$... Жер бетинде кыймылдаган нерселерге да К. к. таасир этет. К. к. эркин түшкөн нерсени чыгышты көздөй четтетет (түртөт). Бул четтөө кендикке жараша: уюлдарда нөлгө, ал эми экватордо эң чоң маанеге ээ. К. к-нө негизделген маятникти 1851-ж. фр. физик Фуко жасаган. Бул маятник Жердин өз огунда айлануусун далилдөөгө жардам берет. Меридиан б-ча түндүктү көздөй кыймылдаган нерсени К. к. Түн. жарым шарда оңго, ал эми Түш. жарым шарда солго түртөт. К. к. кыймылдагы самолётко, снарядга, шамалга, суу агымына да таасирин тийгизет. Мис., Түн. жарым шарда дарыянын оң, ал эми Түш. жарым шарда сол жээги тез жешилет. Экватор б-ча чыгышты көздөй кыймылдаган нерсени К. к. өйдө которот, ал эми батышка баратканды ылдый басат. Техникада гироскоп, турбина ж. б. айлануучу системаларда К. к. сезсүз эске алынат.

«КОРКУТ АТА КИТЕБИ» («Китаби дедем Коркут», толук аты – «Китаби дедем Коркуд ала лисаны таифеи огузан» – «Огуз уруулары-нын тилиндеги Коркут атанын китеби») – түрк элдеринин көөнө тарыхы, кылымдагы турмуш абалы, байыркы салт-санаасы, үрп-адаты, акыл-дык-чечендик өнөрү тууралуу баяндаган тарыхый көркөм мурас. 10–15-к-да жазылып алынган уламыштардан кайрадан адабий түрдө иштелип чыккан. «К. а. к-нин» кол жазма түрүндө Дрезденден бир, Ватикандан бир нускасы табылган. Дрезденгиси 12 ырдан (баатырдык дастандан), Ватикандагысы 6 ырдан турат. Экөөнүн тең тексти окшош. «К. а. к.» орус, немис, түрк, италян тилдерине которулган. Көлөм жагынан чоң ж-а мазмуну терең Дрезден нускасы окумуштуулар арасында кеңири белгилүү. 1815-ж. нетуулар арасында кеңири белгилүү. 1815-ж. немис чыгыш изилдөөчүсү Г. Ф. Дитс бул нускасынын сезгизинчи баянын немис тилине которгон. 1859-ж. Теодор Нелдеке «К. а. к.» толук которуу-га киришкен. Бирок ал аягына чыкпай, Германияда окуп жүргөн шакирти В. В. Бартольдго өткөрүп берген. В. В. Бартольд 1922-ж. орус тилине толук которуп, басмага даярдаган, бирок көзү тирүүсүндө китеп жарыкка чыккан эмес. Бул котормо 1962-ж. гана В. М. Жирмунский, А. Н. Кононовдордун редакциясында басылып чыккан. Кыргыз тилине түп нускасынын транскрипциясынан И. Абдувалиев, Т. Абылкасымова, Г. Сатимкуловалар которуп, 2004-ж. жарыкка чыккан. Эпос кириш сөз м-н башталып, акылман ж-а ырчы, коп жашаган, «көзү ачык»

Коркут атанын өмүрүн баяндайт. Эпосто бирдиктүү сюжет жок. 12 бөлүмдүн ар бири өз алдынча бүткөн окуяны баяндайт. Боюндур-хан, Салор-Казан ж-а анын уулу Аруз башында турган огуз жоокерлеринин баатырдык жортуулдары, алардын «динсиздер» (грузин, абхаз, грек ж. б.) м-н болгон согушу, басып алган Кавказ жерлеринде өз бийлигин орнотушу эпостун негизги мазмунун түзөт (9 бөлүмү ушул темага арналган). 10-бөлүмдө огуздардын ич ара жанжалдары, «Дука кожонун уулу эр Домрул баяны» деген легендада (5-бөлүм) ажал м-н кармашкан Домрул баатыр ж-а күйөөсүнүн ордуна өз жанын кыюудан кайра тартпаган Домрулдун аялынын эр жүрөктүүлүгү, 6-бөлүмдө Кан-Туралынын үйлөнүшү баяндалат. «К. а. к.» – огуздардын гана эмес, жалпы эле түрк тилдүү элдердин фольклору м-н тарыхын изилдеп үйрөнүүдө баалуу тарыхый эстелик.

Ад.: Книга моего деда Коркута (с критическими статьями В. В. Бартольда, А. Ю. Якубовского и В. М. Жирмунского). М., Л., 1962; Коркут ата китеби. Б., 2004.

КОРНЕВА Нина Григорьевна (1923-ж. т., Казакстан, Ак-Төбө обл., Харьков кыш.) – а. ч. илимд. доктору (1979), проф. (1980). Кыргыз ССР мамл. сыйл. лауреаты (1976). 1944-ж. К. И. Скрябин атн. КАЧИни бүтүргөн. 1944–63-ж. ошол эле ин-тта ассистент, доцент, агрохимия кафедрасынын башчысы, агрономия ф-тинин деканы. 1963-ж. Кырг-н дыйканчылык ИИИнин агрохимия бөлүмүнүн башчысы. 1982-жылдан Кырг-н дыйканчылык ил. өндүрүш бирикмесинин генералдык директорунун ил. иштер б-ча орун басары, болүм башчы, ил. кеңешчи. Кырг-нда жер семирткичтерди колдонуу ыкмаларын иштеп чыккан; 150дөн ашуун ил. эмгектин автору.

Эмг.: Система удобрения культур в севообороте. Ф.,1968; Умелое применение удобрений – залог высоких урожаев. Ф., 1976.

КОРНЕЙЧУ́К Александр Евдокимович [12 (25). 5. 1905, Киев губерниясы, Христиновка станциясы (азыр Черкас обл-ндагы шаар) – 14. 5. 1972, Киев] – украин драматургу, коомдук ишмер, Украин ССР ИАнын (1939) ж-а СССР ИАнын (1943) академиги, Соц. Эмг. Баатыры (1967). Киев эл агартуу ин-тун бүткөн (1929). К. чыгылыгын аңгеме жазуудан баштаган. 1929-ж. «Туюкта» деген тунгуч пьесасы жарык көргөн. К. – «Таш арал» (1930), «Чабуул» (1931), «Эскадранын кыйрашы» (1933), «Платон Кречет» (1934), «Чындык» (1937), «Богдан Хмельницкий» (1939), «Майдан» (1942), «Макар Дубрава» (1948), «Днепрде» (1960), «Жүрөк унутпайт» (1969) ж. б. драмалардын автору. СССР мамл. сыйл., (1941, 1942, 1943, 1949, 1951), Элдердин ортосунда тынчтыкты чыңдагандыгы үчүн эл аралык Лениндик сыйл. (1960) лауреаты. 5 Ленин ордени м-н сыйланган.

КОРНЕ́ЛЬ Пьер (6. 6. 160[illegible]. Руан – 1. 10. 1684, Париж) – француз драматургу. Чыг-лыгын акын катары баштаган. Алгач[illegible]к ырлар жыйнагы «Поэтикалык аралашма[illegible]ген ат м-н 1632-ж. жарык көргөн. «Сид» (163[illegible] комедиясы – классикалык театрдын алгачкы[illegible]жогорку үлгүсү. К. «Гораций» (1640), «Цин[illegible]» (1640–41), «Полиевкт» (1641–42) ж. б. трагедиялардын, зулумдукту ашкерелеген «Сурена» (1675) пьесасынын автору. К. – Жаңы мезгилдеги европа театрынын түзүүчүсү, француз театрынын «атасы», классицизмдин эң ири драматургу.

Ад.: *Большаков В. П.* Корнель. Жизненный и творческий путь. М., 2001.

КОРО – Венесуэланын түн.-батышындагы шаар. Фалькон штатынын адм. борбору. Карио деңизине жакын, Парагуана ж. а-нда жайгашкан. Калкы 256,4 миң (2009; штаттагы эң ири шаар). Жолдор тоому. Эл аралык аэропорту бар. Шаар 1524-ж. негизделген. 1578-ж. чейин Венесуэла



Сан-Франциско чиркөөсү (16–17-к. контуроосу 1900-ж.).

провинциясынын адм. борбору болгон. Собор (1583–1634), чиркөөлөр сакталган. Шаардын тарыхый борбору *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. Тамак-аш (негизинен эт ж-а балык консервалары беленделет) о. ж. ж-а шаарга жакын өлкөдөгү эң ири нефть ажыратуучу (PDVSA компаниясынын) эки з-д иштейт. Ун-ттер (а. и. Католик ж. б.), ин-т, китепканалар бар. Туризм өнүккөн.

КОРО́ВИН Константин Алексеевич [23.11(5. 12). 1861, Москва – 11. 9. 1939, Париж] – орус живописчиси. Москвадагы живопись, ийчилик ж-а зодчийлик окуу жайында (МЖИЗО) (1875–86) окуган. 1882-ж. Петербург сүрөт академиясын бүтүргөн. 1901–18-ж. МЖИЗОдо сабак берген. Москва менчик опера театрында, Чоң театрда ж. б. театрларда, көркөм, кызыктуу жасалгаларды жараткан. 1923-жылдан чет өлкөдө «Гранд-Опера» (Париж), «Ковент Гарден» (Лондон) ж. б. театрларда иштеген. Ал – орус живописиндеги пленэрдин көрүнүктүү чеберлеринин бири. Пейзаждык, портреттик ж-а жанрдык сүрөттөрдүн автору катары да таанымал («Түндүк



Ф. И. Шаляпиндин портрети, 1911. Орус музейи. Санкт-Петербург.

идиллия», 1886; «Балкон жанында», 1888–89; «Кышында», 1894; баары Третьяков галереясы; Ф. И. Шаляпиндин портрети, 1911, Орус музейи, Санкт-Петербург ж. б.).

Ад.: *Гусарова А. П. К. Коровин.* Путь художника. Художник и время. М., 1990; *Круглов В. Ф.* Коровин: (Альбом). М., 1997.

КОРОГЛЫ Халык (1919, Ашхабад) – адабиятчы, фольклорчу, филология илимд. доктору (1971), проф. (1986). Москва медин-тун (1946), М. В. Ломоносов атн. ММУнун филология ф-тинин Чыгыш бөлүмүн (1952) бүтүргөн. Түрк ж-а иран тилдеринде сүйлөгөн элдердин баатырдык эпосторун салыштырма изилдөөдө зор эмгек сиңирген. 1947-ж. иран тили ж-а ад-ты б-ча ЖОЖдордо, 1954-ж. ММУнун филология ф-тинде О. Азия, Казакстан элдеринин ад-ттары б-ча лекция окуган. 1958–71-ж. «Большая Советская Энциклопедия» басмасынын Тил ж-а ад-т редакциясынын ил. редактору, «Краткая литературная энциклопедия» редакциясынын башчысы, 1971–85-ж. СССР ИАнын А. М. Горький атн. Дүйнөлүк ад-т ин-тунун улук ил. кызматкери болуп иштеген. К. кыргыз фольклору, а. и. «Манас» эпосун изилдеген.

Эмг.: Огузский героический эпос. М., 1976; Взаимосвязи эпоса народов Средней Азии, Ирана и Азербайджана. М., 1983.

КОРОЛЁВ Сергей Павлович [30. 12. 1906 (12. 1. 1907), Житомир – 14. 1. 1966, Москва] – ракета куруу ж-а космонавтика б-ча орус совет окумуштуусу, конструктору, СССР ИАнын академиги (1958; корр. мүчөсү, 1953), эки жолку Соц. Эмг. Баатыры (1956, 1961). 1924-ж. Одесса курулуш кесиптик мектебин бүтүрүп, 1927-жылдан авиация о. ж-нда иштеген. Москва жогорку тех. окуу жа-



йын (1930), аны м-н катар Москва учкучтар мектебин бүтүргөн. Борб. Аэрогидродинамика институнда (Москва) ага инженер (1930) болуп иштеп жүрүп, бир нече ийгиликтүү учурулган планер түзгөн. К. Э. *Циолковский* ж-а анын иштери м-н таанышкандан кийин ракета тибиндеги учуучу аппаратты түзүү идеясы кызыктырган. 1931-ж. Ф. А. Цандер м-н бирге Москвада реактивдүү кыймылды изилдөөчүлөр тобун (ГИРД) түзүүгө катышып, аны жетектеген (1932). Сов. биринчи суюк отундуу «ГИРД-09» ракетаны учурууга катышкан. 1934-ж. «Ракета менен стратосферага учуу» деген эмгеги жарыяланган. Космос мейкиндигин өздөштүрүүдөгү алгачкы жетишкендиктер К-дун ысмына байланыштуу. К-дун ил. ж-а тех. идеялары ракеталык ж-а космостук техниканы түзүүдө кеңири колдонулду. Көптөгөн ракета түрлөрү, ракета алып жүргүчтөр, «Восход» ж-а «Восток» кемелери, адамдын тарыхта 1-жолу космоско учушу ж-а кеменин сыртына космос мейкиндигине чыгышы анын жетекчилиги м-н болду. К-дун жетекчилиги м-н түзүлгөн ракета-космостук системалар дүйнөдө биринчи болуп Жер ж-а Айдын, Күн, Чолпон, Марстын жасалма жандоочуларын учурууда колдонулду. Натыйжада Айдын бетине жумшак кондурулган планета аралык автоматтык станцияларды учурууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. «Электрон», «Молния-1», «Космос» сериясындагы көптөгөн жандоочулар ж-а «Зонд» сериясындагы планета аралык алгачкы чалгындоочтор К-дун жетекчилиги м-н жасалды. Лениндик сыйл. лауреаты (1957). Үч Ленин, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: *Асташенков П. Т.* Академик С. П. Королёв. М., 1969; *Романов А. П.* Конструктор космических кораблей. М., 1971; Пионеры ракетной техники. М., 1972.

КОРОЛЁВА Татьяна Станиславна (24. 8. 1962-ж. т., Фрунзе) – физик, физика-математика илимд. кандидаты (1996), КРдин илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (2000). ФПИни бүтүргөн (1984). КР УИА ФИде улуу инженер, кеңже ж-а улуу ил. кызматкер (1987–98), 1998-жылдан КР УИАнын Президентинин окумуштуу секретары. Конденсацияланган абалдын физикасы, радиациялык физика ж-а экология б-ча адис. 250дөн ашык ил. эмгеги, а. и. 1 монография, 5 окуу куралы, 17 патенттин эзси.

Эмг.: Перенос энергии и динамика электронных возбуждений в кристаллах (в соавторстве). Екатеринбург, 2001; Спектроскопия объёмных, волоконных и наноразмерных кристаллов LiF и NaF (в соавторстве). Екатеринбург, 2006; Люминесценция ионов урана в кристаллах фторида натрия (в соавторстве). М., 2008.

КОРОЛЬКО́В Ярослав Иванович (1843, Каменец-Подольск – 1933, Каракол ш.) – метеоролог, край таануучу, коомдук ишмер. Орус офицери (гене-

рал-майор, 1902). Орус география коомунун анык мүчөсү (1889). Ал 1877–78-ж. орус-түрк компаниясына (Болгарияны Түркиянын эзүүсүнөн бошотуу) катышкан. 1880-ж. Кырг-нга (Караколго) кызматка которулган. Мында 20 жылча тоо батареясынын командири болуп, 1902-ж. отставкага чыккан. 1881-жылдан Тенир-Тоону геогр. жактан изилдөөгө активдүү катышкан. Кырг-нда (Караколдо) 1-метеорол. станцияны ачып, анда 50 жыл бою байкоо жүргүзгөн. Күнгөйдөгү Чоң Ак-Суу мөңгүлөрүн (1899) изилдеген. 1907–08-ж-дагы саякатында Борб. ж-а Батыш Тенир-Тоону аралап өткөн. Орус ж-а чет өлкөлүк илимпоздордун Тенир-Тоого жасаган экспедицияларына жардам берген. Жерг. эл м-н тыгыз байланышта болуп, кыргыз элинин 1916-жылкы көтөрүлүшүндө падышачылыктын колониячыл саясатына каршы чыккан. Кыргндын табияты ж-дө бир катар эмгектер жазган. К-дун ысмынан Тескей Ала-Тоодогу мөңгү, Каракол ш-ндагы көчө аталган.

КОРОМЖУЛУК – терендиктен кен казып алып жатканда, казууга мүмкүн болбогон баланстык запастын бир бөлүгү. Өз ичинен жалпы шахталык (жалпы рудниктик, жалпы карьердик, жалпы кен издөөчүлүк) ж-а эксплуатациялык К-ка бөлүнөт. Жалпы шахталыкка целиктер, капиталдык казмалардын айланасы, скважиналар, шахта талаасынын ортосундагы барьердик целиктер, тех. ж-а чарбалык курулуштардын, коммуникациялардын, суу сактагычтардын, коруктардын асты, суулуу ойдундар кирет. Эксплуатациялык К. массив ичиндеги (казылган аянттардагы, кен катмарынын таманы м-н жабуусундагы целиктер, кендин ичкерип, жукарып кеткен бөлүгү, орт чыккан, суу каптаган, ураган жерлер, тектон. жаракалар) ж-а массивден тышкары (жанаша жаткан тектер м-н бирге казылган аралашмалар, урап түшкөн, кулаган, суу кирген, кенди жүктөп түшүргөн, жыйган, сорттогон кездеги жоготуулар, транспорттук К.) түрлөрдөн турат. К. салмагы ж-а проценттик саны б-ча аныкталат. Жалпы шахталык К. жалпы баланстык запаска, эксплуатациялык К. К-тун баланстык запаска болгон катышы б-ча эсептелет. Көп компоненттүү кенташтарда ө. ж-лык мааниси бар элементтердин ар бири өз алдынча эсепке алынат. К. атайын өлчөөлөр же маркшейдерлик план б-ча эсептелет.

КОРОО – 1) дубал, тосмо м-н курчалган үй-жай, чарбак, огород. Анда чарбалык курулуштар жайгаштырылат; 2) мал киргизүү үчүн тосулган үстү ачык жай; 3) малдын (кой, эчки) тобу (бир коро кой).

КОРОР – Палуу Респ-ндагы эң ири шаар. Корор а-нда жайгашкан. Калкы 9,6 миң (2009). 1994-ж. шаар статусун алган. Шаар 2006-жылдын октябрына чейин өлкөнүн борбору болгон. Эл аралык аэропорту бар. Улуттук музей (анда кызыктуу табигый ж-а этногр. экспозициялар коюлган) бар. Балыкчылардын дербиси (жарышы; апрелде), Палуу көлүнүн сүрөт иск-восунун фестивалы (июлда) өткөрүлүп турат. Туризм өнүккөн.

КОРПОРА́ЦИЯ (лат. corporatio – бирикме) – 1) бирикме, союз, коом; 2) белгилүү бир жалпы максатка жетүү, биргелешкен ишмердикти жүзөгө ашыруу ж-а өз алдынча укук субъектин – *юридикалык жакты* түзүү үчүн биригишкен жактардын тобу. К. жеке менчик, о. эле мамл. да болушу мүмкүн. Жеке менчик К-да *акциялардын* чоң бөлүгү бир ээлик кылуучуга, үй-бүлөгө же акционерлердин чакан тобуна таандык болот. К. *пайдага салык* төлөйт; 3) өнүккөн өлкөлөрдө үлүштүк *менчикти*, юрид. статусту ж-а жалданып иштөөчү адис башкаруучулардын *(менеджерлердин)* жогорку эшелонунун колуна башкаруу функциясын топтоону кароочу *ишкердикти* уюштуруунун кеңири тараган формасы.

КО́РПУС (лат. corpus – дене, бир бүтүн) – түрдүү мамлекеттердин куралдуу күчтөрүнүн кургактагы аскерлеринин жалпы аскердик жогорку бирикмеси. Кызыл Армияда 1919-ж. атчан аскерлер, 1921-ж. аткычтар К-у түзүлгөн. Улуу Ата Мекендик согуш (1941–45) мезгилинде Кызыл Армияда аткычтар, атчандар, артиллериялык, аба-десант, авиация, механикалашкан ж-а танк К-тары болгон. Азыркы К-тар, мис., АКШнын армиялык К-у штабдан, бөлүктөрдүн түрдүү кызмат топторунан, 2–4 ж-а андан да көп дивизиядан (анын 1–2си бронетанкалык) куралып, согуш убагында талаа армиясынын курамында да, өз алдынча да аракеттене алат.

КОРПУ́СКУЛА (лат. corpusculum – бөлүкчө) – классикалык (кванттык эмес) физикадагы бөлүкчө. Мис., К. масса ж-а импульска ээ, бирок аны толкун түрүндө элестетүүгө ж-а толкун узундугу м-н мүнөздөөгө болбойт. Көпчүлүк учурда К-дан келип чыккан К-лык, б. а., бөлүкчөнүн касиеттерине ээ деген сөз колдонулат.

КОРПУ́СКУЛА-ТОЛКУН ЭКИЛТИКТҮҮЛҮГҮ (ДУАЛИЗМИ) – *кванттык теориянын* бир эле мезгилде корпускулалык (бөлүкчөлүк) ж-а толкундук касиетке ээ экендиги ж-дөгү түшүнүгү. Классикалык физика түшүнүгү б-ча бөлүкчөнүн кыймылы ж-а толкундун таралышы принциптүү ар башка физ. процесстер болуп эсептелет. Бирок жарыктын аракети астында металлдан электрондордун бөлүнүп чыгышы *(фотоэффект)*, электрондордон жарыктын чачырашы *(комптон эффекти)* ж-а ушул сыяктуу бир катар тажрыйбалар жарыктын классикалык теориясына ылайык толкундук табиятка ээ жарык бөлүкчөлөрүнүн агымына (фотонго) окшош экендигин далилдеди. Фотон жарыктын жыштыгы ж-а толкун узундуктары м-н байланышкан энергияга ε ж-а импульска *p* ээ: $\varepsilon=\eta\nu$, $p=h/\lambda$.

Экинчи жагынан кристаллга келип түшкөн электрондордун агымы толкун түшүнүктөрүнүн негизинде гана түшүндүрүлүүчү дифракциялык сүрөттөлүштү берет. Бул сүрөттөлүш эркин кыймылдагы электронду толкун узундугу ж-а жыштыгы $\lambda=h/p$, $\nu=\varepsilon/h$ катыштары м-н байланышкан де Бройль толкуну катары кароо м-н түшүндүрүлөт, мында ε – электрондун импульсу, ε – электрон энергиясы. Кийинчерээк бул кубулуш бардык микробөлүкчөлөр үчүн мүнөздүү экендиги аныкталды. Анын табигый талкуулануышы *кванттык механикада* түшүндүрүлөт.

КОРПУСТУК РЕАКТОР, к. *Ядролук реактор.*

КОРРА́ЗИЯ (лат. corrado – сүргүлөө, жылмалоо, үшкүлөө, чиймелөө – күчтүү шамалдан учкан кумдардын тоо тектердин бетин сүрүп жылмалашы, чиймелеши. Дайыма бир багыттан согуучу күчтүү шамал кумдарды учуруп, тоо тектердин бетин тынымсыз ургулайт, сүргүлөйт, жышат, тегиздейт, чиймелейт, сыйрыйт. Натыйжада жылмаланган тегиз беттер же конулдар, оюктар пайда болот.

КОРРЕКТУ́РА (лат. correctura – өндөө, жакшыртуу) – басмаканалык макалалардын граммат., тех. ж-а мазмундук каталарын өндөө процесси; 2) басмаканалык терүүнүн оттиски. Байкалган каталарды белгилөө үчүн К-лык белгилер колдонулат. К-нын басмалык түп нуска-макет б-ча окулма, басмаканалык ж-а репродукциялык басуу формаларынын К-сы деген 4 түрү бар. К-нын биринчи эки түрүндө терүүдө кетирилген каталар өндөлөт. Басмалык К-да автордун, редактордун ж-а тех. редактордун өндөөлөру киргизилет. Репродукциялык басуу формаларынын К-сында текшерүү үчүн берилген бир түстүү оттисктер түп нусканын (кол жазма) озү м-н салыштырылат да, баракты четине басуу элементин күчөтүү же басандатуу керектиги белгиленип, басуу формасында өндөлөт.

КОРРЕЛЯ́ЦИЯ (лат. correlation – өз ара-катыш) – илим м-н техниканын түрдүү тармагында түшүнүктөр, предметтер ж-а функциялардын катышын, туура келүүчүлүгүн, көз карандылыгын белгилөөдө колдонулуучу термин. Мат. статистикада – так функциялык мүнөзгө ээ эмес чондуктар (б. а. *кокус чондуктар*) ортосундагы ыктымалдык (статистикалык) көз карандылык. К. функциялык көз карандылыктан айырмаланып, чондуктардын бири экинчисине гана көз каранды болбостон, бир катар кокус себепке да көз каранды учурда каралат.

КОРРЕЛЯ́ЦИЯ геологияда – бири бирине жанаша жаткан же бир топ алыстан орун алган тектердин пайда болуу жашын салыштырып аныктоо, бир мезгилдеги тектердин стратигр. шкаласын түзүү ыкмасы. Салыштыруу бургулоо козөнөктөрүнөн тартып, ири аймактарды, ал эмес материкти кучагына алат. Анчалык чоң эмес аймактагы чөкмө ж-а жанартоо чөкмөлөрүнүн калың катмарларын бири-бирине салыштыруу ж-а алардын пайда болуу мезгилин аныктоо жергиликтүү, ал эми алыс орун алган ири аймактарды, материктерди бири-бирине салыштыруу жалпы К. деп аталат. Мында маркирлөөчү горизонттор бөлүнөт. Каротаждан алынган маалыматтар, биостратигр. ыкмалардын жыйынтыктары, изотоп ыкмасы колдонулат. Натыйжада стратигр. схема түзүлүп, сол капталына жалпы стратигр. шкаладагы бөлүнүштөр, оң жагына изилденген аймактагы тоо тектердин (катмарлардын) стратигр. схемасы берилет.

КОРРЕСПОНДЕ́НТ МҮЧӨ – академиялык наам. ИАлардын К. м-сү болуп маанилүү ил. эмгектер жазып, илимге чоң салым кошкон илимпоздор, иск-вонун өнүгүшүнө зор салым кошкон мад-т ишкерлери шайланат.

КОРРО́ЗИЯ, к. *Металлдардын коррозиясы.*

КОРРОЗИЯГА ЧЫДАМДУУ МАТЕРИАЛДАР – чөйрөнүн таасирине туруктуу материалдар. Алар кислота, щелочь ж-а бузгуч газ ж. б. м-н иштөөчү аппараттарды, түтүктөрдү, курулуш жабдыктарын ж. б. жасоо үчүн керектелет. К. ч. м. бир чөйрөдө тез бузулса, экинчи чөйрөдө коррозияга туруктуу келет. Алар табиятына жараша металл ж-а металл эмес болуп бөлүнөт. Металл материалдар өз алдынча констр. же атайын жабуучу материалдар түрүндө колдонулат. Мис., темирдин хром м-н куймасы (дат баспоочу болот), титан, цирконий, молибден куймалары газ чөйрөдө жогорку темп-рада да кычкылданбайт. Асыл металлдар (платина, алтын) газдарда ж-а көпчүлүк суюктуктарда өзгөрбөйт. Болоттун коррозияга туруктуулугун жогорулатууда ага 40%ке чейин никель же 1,5% жез кошулат. Металл эмес К. ч. м. каптоочу, лактап өндөөчү ж-а көркөмдөөчү материал катары колдонулат. Алар орг. ж-а орг. эмес болуп бөлүнөт. Орг. эместерге графит, алюмосиликаттар, таза кремнезём ж. б. кирет. Кварц айнеги көпчүлүк чөйрого туруктуу болгондуктан, хим. идиштерди жасоодо кеңири колдонулат. Орг. К. ч. м. – фторопласт, полиэтилен, полистирол ж. б. Материалдардын коррозияга туруктуулугун жогорулатууда легирлөө (башка элементтерди кошуу), цинк, алюминий, никель, хром, эмаль, орг. заттар (боёк) м-н каптоо, коррозияны жайлантуучу ингибиторлор колдонулат, к. *Металлдардын коррозиясы.*

КОРРУ́ПЦИЯ (лат. corruptio – сатып алуу, сатылуу) – кызматтык кылмыштардын тобуна тиешелүү белгилердин бири. К. материалдык абалдын артыкчылыгы, ар кандай кызмат даражасы, бийликке ээ болуудан улам келип чыгып, анын кылмыш белгилери ж-а коомго коркунучтуулугу айрым бир же бир нече адамдар (топ) туруктуу катышканына жараша аныкта-

лат. К. жеке кылмыш эмес, адм., тартип бузуу сыяктуу укук бузуулар ж-а кимдир бироонун кызмат абалынан пайдаланышы м-н мүнөздөлөт. Ошондуктан К. башка статьялар б-ча такталып, ар бир кылмыш иши б-ча каралат (мис., *Кызмат абалын кыянаттык менен пайдалануу, Кызматтык ыйгарым укуктардан аша чабуу, Пара алуу* ж. б.).

Ад.: *Тимофеев Л. М.* Институциональная коррупция: очерки теории. М., 2000.

КОРСА́Р (италянча corsaro) – дениз каракчысы. Алгач (болжол м-н 14-к-дан) К. Түн. Африканын дениз каракчыларына тиешелүү болуп, кийин бул термин кененирээк мааниде колдонулуп, «пират» ж-а «капер» терминдеринин синоними болуп калган.

КО́РСИКА (Corse) – Жер Ортолук дениздин түн.-батышындагы арал. Франциянын департаменти. Аянты 8,7 миң *км*². Калкы 300 миңдей (2005). Адм. борбору – Аяччо шаары. Батыш жээги аскалуу, булун-буйткалуу, чыгышы жапыз, түзөн. Рельефи тоолуу (эң бийик жери 2706 *м*, Мон-Сенто чокусу). Аралдын батыш



Корсика аралынын батыш жээги.

бөлүгү гранит, чыгышы чополуу сланец тектеринен түзүлгөн. Жер ортолук дениздик климат мүнөздүү. 600–700 *м*ге чейин бадал өсүмдүктөрү, андан жогору эмен, бук, мырза карагайлуу токой өсөт. Жемиш бактары, жүзүм, зайтун дарагы өстүрүлөт. Аралда Аяччо, Бастия ш. жайгашкан.

КОРС-ЭТТИ – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Ийри-Суу айыл округуна караштуу. Корс-Этти капчыгайында, дениз денг. 1260 м бийиктте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 22 *км* түн. тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 72 *км*. Калкы 1398 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар.

КОРТ (анг. court, лат. cohors – тосулган жер) – *теннис* ойнолуучу, үстү тегиз чарчы аянтча. Анын үстүнө табигый (чөп, чопо-кум ж. б.) ж-а жасалма (асфальт, жыгач, пластик ж. б.) материалдар төшөлөт. Жеке разряд оюндары жүргүзүлүүчү аянтчанын олчому 23,77×8,23 *м*. Аянтча чектөөчү сызыктар м-н тосулат. Ал жерден бийик. 91,4 *см* (жогорку чеги) тор ж-а 107 *см* тироочтор м-н жарымынан болунот. Торго жарыш 6,4 *м* аралыкта теннис жебун берүү сызыгы орун алат. Экөөнүн ортосундагы аралыкты бөлөт кеткен сызык – топту кезүү талаасы болот. Жуптар оюн жүргүзүү К-тун туурасы 10,97 *м*, калган олчомдору разряддагыдай. К-тун ички ж-а тышкы кабыл сызыктарынын ортосунда коридор бар. Жуптардын оюнунда коридорго топ түшсө саналы эми жеке разряд оюндарында аут деп эпителинет. К-тун төшөлгөсү оюндун мүнөзүнө таасир этет. Эл аралык теннис федерациясынын (ITF) атайын жумушчу тобу К. үстүн каптап жаткан төшөлгө б-ча изилдөө иштерин жүргүзүп келүүдө. К-тор «бат» (жука төшөлмө), «жай» (калың төшөлгө), ачык (ачык асман алдында) ж-а жабык (имарат ичинде) деп болүнөт. Жабык К-туи бийикт. 8 *м*ден кем эмес болуш керек.

КО́РТРЕЙК, К у р т р е – Бельгиядагы шаар. Фландрия регионунда, Батыш Фландрия провинциясында. Лейе д-нын жээгинде жайгашкан. Калкы 73,7 миң (2008; 3%ке жакыны чет өлкөлүктөр, агломерациясында 250 миң). Эл аралык аэропорту бар. Рим тургун-жайынын ордунда негизделип, 1190-жылдан шаар. Шаардын башкы аянтындагы анча чоң эмес 5 мунаралуу вече конгуроосу ж-а Ыйык Матвей саат мунарасы *Бүткүл дүйнөлүк мурас*тын тизмесине киргизилген. Ратуша, чиркөөлөр, Сент-Элизабет бегинажы (христиан жетим балдар, жесир аялдар үчүн кечилкана сымал жай) ж. б.



Сент-Элизабет бегинажы.

сакталган. Текстиль, хим., кагаз, тамак-аш о. ж. ишканалары иштейт. Кол өнөрчүлүк (зер буюмдар, тор токуу) өнүккөн. Католик үн-тинин кампусу, музейлер, театр бар. Дизайнерлердин эл аралык конкурстары өткөрүлүп турат.

КОРУК – коргоого алынган жаратылыш аймагы. Жалпы жаратылыш комплексин мурдагы калыбында өзгөртпөй сактоо максатында уюштурулат. Мында чарбалык иштер жүргүзүлбөйт. Адатта, К. үчүн белгилүү геогр. зонага ото мүнөздүү жерлер же ил. жактан ото баалуу табигый объектилер (айбанат ж-а өсүмдүк түрлөрү, тоо байлыктары ж. б.) болүнүп берилет. Анда жаратылышка ар тараптан ил. изилдоолор жүргүзүлөт. Кыргыздарда айдоо, эгиндүү, чабынды ж. б. ушул сыяктуу мал кайтарылуучу жайыт жерлер да К. деп аталат. Кырг-нда Беш-Арал, Нарын, Сары-Челек, Ысык-Көл К-тары бар. Ала-Арча, Беш-Таш, Чоң Кемин ж. б. улуттук жаратылыш парктары уюшулган.

КОРУМ, к о р у м г а ш т а р – тоо беттериндеги ж-а чокуларындагы аскалардан чулу тектер талкаланып, тоо этегиерине топтолгон шагыл ташгар. К. негизинен бийик ж-а орто бийик тоолордо кездешет. дагы таштардын өтө чоңдору «тоо таш», кой деп аталат. Кырг-ндын аймагында «корум» «корумду» создорү катышкан геогр. аттар өтө мис., Корум-Ашуу, Корум-Суу, Корумду (ашуу, тоо, чоку, суу, кыштак ж. б.), Кара-Корум ж. б.

КОРУМДУ – Ысык-Көл обл-нун Түп р-нундагы кыштак. Талды-Суу айыл округуна караштуу. Түп ороонүнүн түндүгүндө, Күнгөй Ала-Тоонун этегинде, Түп – Каркыра автомобиль жолунун боюнда, дениз денг. 1725 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Түп кыш-нан 15 *км* түн.-чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 210 *км*. Калкы 1772 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

КОРУМДУ – Ысык-Көл обл-нун Ысык-Көл р-нундагы кыштак. Кум-Бел айыл округуна караштуу. Корумду суусунун боюнда, Бишкек–Каракол автомобиль жолунун жээгинде, дениз денг. 1654 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Чолпон-Ата ш-нан 25 *км* чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 100 *км*. Кыштак 1927-ж. негизделген. Калкы 2402 (2007); негизинен мал чарбасында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, бала бакча, ФАП бар. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Кыштакта залкар комузчу *Карамолдо* Орозов туулган.

КОРУМДУ МӨҢГҮЛӨРҮ – Тескей Ала-Тоонун түн. капталында жайгашкан ороон ж-а татаал ороон тибиндеги 2 ири моңгү. Тон суусунун он куймасы – Корумдунун башында. Жалпы уз. 7,4 *км*, аянты 10,4 *км*². Башы дениз денг. 4420–4460 *м*, этеги 3500 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 3940–3960 *м*, абляциясынын аянты 2,0–2,6 *км*². Моңгүлөрдөн Тон суусунун он куймасы – Корумду суусу башталат.

КОРУМДУ МӨҢГҮЛӨРҮ – Чон Алай кырка тоосунун түн. капталындагы Корумду суусунун төрүндө жайгашкан үч моңгү (Чыгыш, Ортонку ж-а Батыш К. м.). Ч ы г ы ш Корумду моңгүсү татаал ороон тибинде. Уз. 6,2 *км*, аянты 13,9 *км*², көлөмү 0,6 *км*³. Башы дениз денг. 5440 *м*, этеги 3900 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4620 *м*, абляциясынын аянты 4,0 *км*². О р т о н к у Корумду моңгүсү ороон тибиндеги моңгүго кирет. Уз. 5,5 *км*, аянты 3,9 *км*², көлөмү 0,2 *км*³. Башы дениз денг. 5330 *м*, этеги 3820 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4520 *м*, абляциясынын аянты 1,8 *км*². Б а т ы ш Корумду моңгүсү – ороон тибиндеги моңгү. Уз. 3,4 *км*, аянты 4,9 *км*², көлөмү 0,3 *км*³. Башы дениз денг. 4700 *м*, этеги 4020 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4360 *м*, абляциясынын аянты 1,9 *км*². Моңгүлөрдөн башталган суулардан Кызыл-Суунун сол куймасы – Корумду суусу куралат.

КОРУ́НД (санкритче kurubinda – рубин) – оксиддер классына кирүүчү минерал. Хим. формуласы Al_2O_3. Курамында 53,8% алюминий бар. *Тригон системасында* кристалланат. Өңү-түсү курамында кездешүүчү темир, хром, титан сыяктуу кириндиси элементтерге байланыштуу. Кызыл түстөгүсү – р у б и н, көгүлтүрү – с а п ф и р, түссүзү – л е й к о с а п ф и р. Катуулугу *Моостун шкаласы* б-ча 9. С. салм. 4. Кремний кычкылы өтө аз санда кездешкен магмалык тектерде (сиенит), анортит-корунддуу дайкаларда, метаморфизмделген тектерде, экинчи жолу пайда болгон кварциттерде кездешет. Өтө коюз молтүрөгөн тунук түрлөрү (рубин, сапфир ж. б.) илгертен асыл таш катары колдонулуп келет. Жасалма түрлөрү бокситти калыбына келтирүүчү темир таарындылары м-н бирге эритилип, электр мештеринде алынат. Булар абразив материал катары колдонулат. О. эле порошок металлургиясынын ыкмалары м-н металлдарды жогорку темп-рада иштеткенде керек болуучу кескичтер жасалат. Жасалма түрлөрүн (монокристаллдуу тунук түрү м-н өзөктөрүн) кычкылтек-суутектүү жалын м-н чопону эритип алса болот. Синтетикалык жол м-н алынган сапфир, рубин, топаз, александрит, аметист ж. б. кооздук иштерде, кызыл рубин саатта, так приборлордо, өзөктөрү оптикалык генераторлордо (лазерде) пайдаланылат.



КОРЯ́К АВТОНО́МИЯ ОБЛУСУ Россиянын субъектиси, Камчатка крайынын курамында. Камчатка ж. а-ның түндүгү м-н ага чектеш жаткан материктин болүгүнөн ж-а Карага а-нан орун алган. Батышын Охота, чыгышын Беринг дениздери чулгайт. Аянты 301,5 миң *км*². Калкы 27,9 миң (2003). Адм.-айм. жактан 4 районго, 2 шаарчага болүнөт. Борбору – Палана шаарчасы.

Ы. Чыгыш федерация округуна кирет. Мамл. бийликтин органдар системасы 1997-ж. кабыл алынган Коряк Автономия округунун уставы (негизги мыйзам) м-н аныкталат. Мамл. бийликти округдун думасы аткарат.

Калкынын негизин орустар (62%), коряктар (16,4), украиндер (7,2) түзөт, о. эле чукча (3,6), ительмендер (3) да жашайт. Орустар православие, коряктар салт болуп калган динин тутат; протестанттар да бар. Орт. жыштыгы 1 *км*² жерге 0,9 киши. Шаар калкы 28%.

Табияты аймагынын көпчүлүк бөлүгүндө калктын жашоосуна жагымсыз. Экол. абалы канааттандырарлык. Суулары балыкка ж-а деңиз жаныбарларына бай. Камчатка крабынын запасы уникалдуу промыселдик мааниге ээ. Таш көмүрдүн 2 кени иштетилүүдө. Платина, алтын ж-а күмүш казылып алынат.

Региондук дүң продукциясынын көлөмү 3364,8 млн рубль. Андагы ө. ж-дын үлүшү 72%, а. ч-ныкы 1,1%. Маанилүү ө. ж. тармагы – тамак-аш (балык кармалып, беленделет; ири ишканалары: «Корякрыба» ЖАК, Усть-Хайрюзов балык консерва з-ду), түстүү металлургия («Корякгеолдобыча»).

А. ч-га жарактуу жери 26,6 миң *га* (жер фондунун 1%тен азыраагы), а. и. 8%и айдоо аянты. Жылыткычтарда өстүрүлгөн жашылчачылык, о. эле аңчылык промысели өнүккөн. Бугу асыралат.

Автомобиль жолунун уз. 68 *км*. Пенжина д-нда кеме жүрөт. Округда жалпы билим берүүчү 29 мекеме, 2 башталгыч ж-а орто окуу жайлары, музей бар. Бий ж-а фольклор ансамбли иштейт.

Ад.: Корякская автономная область// Россия. М., 2004.

КОРЯ́К КЫРКА ТООСУ, К о р я к т а й п а к т о о с у Сибирдин түн.-чыгышында. Беринг денизиндеги Анадырь булунунан Камчаткадагы Параполь ойдунуна чейин 800 *км*ге созулуп жатат. Орт. бийиктеги чолок кырка тоолордон (Пенжина, Рарыткин), жалчалардан ж-а токол тоолордон турат (орт. бийикт. 1000–1800 *м*, эң бийик жери 2562 *м*, Муздуу чоку). Капталдарында 200–400 *м* бийикке чейин ольха бадалдары ж-а жапалак кедр, андан жогору чөп-энилчектүү ж-а таштуу тоо тундра өсүмдүктөрү өсөт. Түн. капталдарында мөңгүлөр бар (жалпы аянты 205 *км*^{2}). Таш көмүр, алтын, күмүш, сымап ж-а сурьма кендери бар.

КОРЯК ТИЛИ, н ы м ы л а н т и л и – коряктардын тили. Чукот-камчатка тил тобуна кирет. Чавчувен, парен, иткан, камен, апукин, палан ж-а карагин диалектилерине бөлүнөт. К. т. – агглютинациялама тил. К. т-нин жазуусу адегенде латын (1931) тилинде түзүлүп, 1936-жылдан орус графикасына өткөн.

КОСИ́ВЦЕВА Надежда Алексеевна (1913, Казакстан, Ак-Моло обл., Новочеркас р-ну, Астраханка айылы – 1986, КР, Сокулук р-ну, «Төмөнкү-Чүй» айылы) – кенеп өстүрүүчү, Соц. Эмг. Баатыры (1950). 1945-жылдан Сокулук р-нундагы «Төмөнкү-Чүй» совхозунда кенеп өстүрүүчү звенонун башчысы. Анын звеносу кенептин ар гектарынан 94 цден түшүм алган. Ленин ордени м-н сыйланган.



КО́СИНУС (лат. cosinus, complementi sinus – *синусту* толуктагыч) – *тригонометриялык функциялардын* бири; белгилениши: *cos*, б. а. $y=\cos x$, мында x – аргумент.

КОСИНУСТАР ТЕОРЕМАСЫ үч бурчтуктун эки жагы жана ошол жактардын арасында жаткан бурчу боюнча анын үчүнчү жагын аныктоочу теорема. Ал мындайча айтылат: үч бурчтуктун бир жагынын квадраты анын калган эки жагынын квадраттарынын суммасынан ошол жактар м-н алардын арасындагы бурчтун косинусун эки эселентип көбөйткөн көбөйтүндүсүн кемиткенине барабар, же $c^2=a^2+b^2-2ab\cos\alpha$, мында a, b, c – үч бурчтуктун жактары, α – a жана b жактарынын арасындагы бурч.

КОСМОГО́НИЯ (*космос* ж-а ... *гония*) – астрономиянын асман телолору м-н алардын системаларынын (Күн системасы, жылдыздар, галактикалар ж. б.) пайда болушун ж-а эволюциясын изилдөөчү бөлүгү. Жылдыз ж-а Күн системасынын К-сы өтө жакшы өнүккөн. 18–19-к-да К-лык гипотезалар Күн системасынын пайда болушуна гана арналган. 20-к-дын 2-жарымында асман телолорунун өлчөмүн, массасын, ылдамдык катыштарын анализдөө Күн системасынын бирдиктүү муздак газ-чаң булуттан ж-а тумандуулуктан пайда болушу ж-дөгү божомолдоого алып келген. Гравитациялык күчтүн таасири астында сейректелген чойро (газ, тумандуулук) кысылып, анын натыйжасында жылдыз, жылдыз системасы ж-а планеталар калыптана баштайт. К. изилдөө объектилери б-ча планеталар, жылдыздар, галлактикалар К-сы болуп бөлүнөт.

КОСМОДРО́М (*космос* ж-а гр. drómos – чуркоо, жүгүрүү орду) – космос аппараттарын кураштыруу, учууга даярдоо, учурууга арналган курулмалар м-н жабдуулар ж-а тех. каражаттар орнотулган аймак. К-дун көмөкчү ж-а тейлөөчү жайлары м-н кызматына ракетанын кыймыл траекториясын аныктоочу өлчөө пункту, отункана, суу, энергия м-н камсыз кылуу тармагы, турак жай шаарчасы, байланыш ж-а телекөрсөтүү түйүндөрү, өндөөчү база, аэродром, унаа коммуникациясы кирет. Кээ бир К-до ракета-алып жүргүчтүн иштетилген баскычтарын түшүрүү үчүн атайын жер участкалары бар. Т е х.



Плесецк космодрому, Россия.

п о з и ц и я – ракета-алып жүргүч м-н космос объектилерин кабыл алуу, сактоо, кураштыруу, сыноо, керек отунду куюу ж-а бири-бирине ашташтырып бириктирүү үчүн колдонулма атайын тех. жабдуулар м-н жабдылган комплекс. С т а р т т ы к к о м п л е к с – ракета учурула турган системага ээ отулат, күйүүчү отун куюлуп учурулат. Бул комплекстердин бардыгын орундатуу үчүн стартык комплексте атайын тех. жабдуулар орнотулат. Ал калк жашаган аймактан алыс ж-а экватор жакын жерге курулат. Себеби иштелген баскычтын калдыктары элге коркунучсуз аймакка түшөт ж-а ракета спутникти геостационардык орбитага женил алып чыгат. Космос кемесин ж-а космоско учуруучу аппараттар Капустин Яр, Плесецк (Россия), Байконур (Казакстан), Канаверал тумшугундагы Чыгыш сыноо полигону, Уоллопстогу Батыш сыноо полигону (АКШ), Куру (Франция), Сан-Марко (Италия), Утиноура, Танегасима (Япония), Чангенцзе (КЭР), Шрикарико (Индия) ж. б. К-дордон учурулат. Алгачкы Жердин жасалма жандоочусу ж-а биринчи адам космоско СССРде (азыркы Казакстан) *Байконур* К-унан учурулган.

Ад.: *Уманский С. П.* Ракеты носители. Космодромы. М., 2001.

КОСМОЛО́ГИЯ (*космос* ж-а ...*логия*) – бүтүндөй Аалам дүн түзүлүшү ж-а эволюциясы ж-дөгү илим. Мейкиндик м-н убакыттын геом. түзүлүшү, Аалам. эволюциясы, анын ар кандай объектилеринин (айрыкча галлактикалардын) ж-а алардын топторунун пайда болушу ж-а өсүшү болуп эсептелет. К. эмпирикалык маалыматтарды галактикадан тышкаркы астрономиядан алса, анын теор. негизи физиканын жалпы закондоруна таянат. К-да үлгү ыкмасы ж-а эсептоолорду жүргүзүүдө ЭЭМ кеңири колдонулат. К-ныи корутундулары ил. ж-а филос. чон мааниге ээ. Аалам дүн түзүлүшү тууралуу көптөгөн жоромол бар. Алардын негизинде Коперник теориясы, б. а. бардык планеталар Күндү айланат ж-а алардын өз ара байланышы тартылуу (гравитация) деген. Бирок 20-к-да гана Аалам бир жалпы ж-а кенейүүчү өлчөмдө кароо түшүнүгү орун алган. Азыркы К-да ысык Аалам үлгүсү кеңири тараган. Бул үлгү б-ча Аалам кенейе баштаган баштапкы мезгилде зат ж-а нурлануу өтө жогорку темп-рага ж-а тыгыздыкка жетет. Кенейүү акырындык м-н гравитациялык конденсациянын натыйжасында галактикалардын башталышын, галактикалар-ды, жылдыздарды ж. б. космос телолорун пайда кылат. Аалам дүн чечиле элек маанилүү проблемалары: сингулярдуулук деп аталган Аалам-дын алгачкы өтө жогорку тыгыздыктагы абалы ж-а анын жашоосунун акыркы фазасы (сингулярдуулук абалга кайра келүүсү).

КОСМОНА́ВТ (*космос* ж-а гр. nāutés – деңизде сүзүүчү), а с т р о н а в т – атайын мед.-биол., техника даярдык м-н машыгуулардан өтүп, космостук техникаларды сыноодон өткөрүүгө ж-а космоско учууга катышкан адам; адамдын космоско учушунан пайда болгон адистик. К-ты даярдоодо жакшы сапаттарга ээ жөндөмдүү аскер учкучтары ж-а сынагыч-учкучтар, инженерлер ж-а илимпоздор тандалат. Азыркы мезгилде «космос туристи» деп аталган адамдарга да учууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. К-ты даярдоо СССРде 1960-жылдан, ал эми АКШда 1959-жылдан башталган. Тунгуч К. Ю. А. *Гагарин* (1961), Айга биринчи түшкөн К. Н. Армстронг (1969) 2010-жылдын 1-январына карата орбиталык космоско 509 К. а. и. 7 турист учкан, К-тардын катарында мекендешибиз С. Ш. *Шарипов* да бар.

КОСМОНА́ВТИКА (*космос* ж-а гр. nautikē – кеме башкаруу өнөрү), а с т р о н а в т и к а – космоско учуучу аппараттарды пайдалануу м-н космосту ж-а Жерден тышкаркы объектилерди изилдөөчү, өздөштүрүүчү илим ж-а техника тармактарынын жыйындысы. К. төмөнкү проблемаларды камтыйт: космоско учуу теорияларын – траекторияны эсептөө ж. б.; ил.-тех. ракеталарды, кыймылдаткычтарды, башкаруунун борттук системаларын, автоматтык станцияларды ж-а космос кемелерин, ил. борборлорду констр-лоо, траекториялык чөнөө жүргүзүү ж. б.; медицина-биол. тиричиликти камсыз кылуучу борт системаларын түзүү, адам организмине таасир этүүчү кошумча иш, салмаксыздык, радиация м-н байланышкан жагымсыз кубулуштарды калыбына келтирүү; Эл аралык – космос мейкиндигин изилдөө, пайдалануу ж. б. К-ныи негиздөөчүлөрү – физик-математик К. Э. *Циолковский*, амер. физик Роберт Годдард ж-а Эно-Пельтри. Космос заманынын башталышы – СССРде 1957-ж. 4-октябрда Жердин жасалма жандоочусунун, 1961-ж. 12-апрелде Ю. *Гагариндин* космоско биринчи учушу, 1969-ж. 21-июлда АКШнын астронавттары Н. Армстронг ж-а Э. Олдрин башкарган «Аполлон – 11» космос кемесинин Айдын бетине биринчи конушу. Сов. «Мир» (орбитада 20. 2. 1986–23. 3. 1986) ж-а АКШныи «Скайлэб» (орбитада 14. 5. 1973–11. 7. 1979) космостук станциялары курулган. Бул станциялардан да космонавттар бир нече айга чейин болуп, ил. технол. ж-а биол. эксперименттер жүргүзүлүп, метеорол. кубулуштар изилденүүдө. Келечекте Айга туруктуу база түзүү ж-а Марска бир канча адамдардан экспедиция жиберүү пландалууда. О. эле Эл аралык «Альфа» орбиталык космостук станциясын куруу максаты турат.

КОСМОПЛА́Н (space plane) – бир баскычтуу космос кемеси. Ал атайын адамдарды ж-а жүктү космоско алып чыгып, кайра жерге кайтып келет. АКШнын «Спейс шаттл» ж-а мурдагы сов. «Буран», европ. «Гермес» чындыгында К. деп аталбайт. Анткени аларды космоско алып чыгуу үчүн ракета – алып жүргүч керек. Алдын

ала ишгелип чыккан кыймылдаткычтуу К. атмда ж-а космосто учууга ылайыкталып, биринчи жолу АКШ, Англия, Германия (К. Зенгера) ж-а Японияда жасалган. Германиялыктар м-н япониялыктардын К-ны азырынча идея катарында, ал эми америкалык Х–30 долбоору улантылууда.

КО́СМОС (гр. kósmos – катар, тартип, дүйнө, Аалам) – белгилүү тартипти, ырааттуулукту, сактаган материянын системасы. Гректер тарабынан илимге *Аалам*дын синоними катары киргизилген. Өзүнө планеталар, жылдыздар, галактикалар арасындагы мейкиндикти ж-а андагы бардык объектилерди камтыйт. К. жылдыздардын ж-а галактикалардын дүйнөсү – алыскы К. ж-а Жердин жасалма жандоочулары аркылуу изилденүүчү жакынкы К-ко бөлүнөт. «К.» термини алгачкы Жердин жасалма жандоочусун учургандан тарта кеңири колдонула башталды.

КО́СМОС АППАРАТЫ – *космос* мейкиндигине учуп чыгуучу же мейкиндикте учун жүрүүчү жабдуулардын (ракета алып жүргүч, космос ракетасы ж-а кемеси, автоматтык ж-а экипаждуу станциялар – Жер орбиталык ж-а планета аралык жасалма жандоочтор ж. б.) жалпы аталышы. К. а. жерге жакын, орбиталык ж-а планета аралык; автоматтык ж-а учкуч башкаруучу



Космоско учуучу аппарат.

болуп бөлүнөт. Атайын ил.-из. аппаратура м-н жабдылган К. а. ар кандай багытта изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн космоско чыгарылат. «Спутник» деп аталган алгачкы К. а. 1957-ж. 4-октябрда Советтер Союзунда учурулган. Кийин К. а. Жер орбитасына, Айга, планеталарга учурулган. 1957-ж. ноябрда «Спутник-2» К. а-нда Лайка аттуу ит учурулган. 1961-ж. 12-апрелде Ю. Гагарин «Восток» космос кемесинде учкан. К. а-нын негизги өзгочөлүктөрү – космоско учканда узак убакыт бою иштеши ж-а ошону м-н бортундагы (борт аппарат[illegible]) белгилүү жылуулук режиминин негизинде энергия алып, Жер м-н радиобайланышын кам[illegible]ыз кылат. Экипажы бар К. а-нда космонав[illegible]дын жашоо тиричилигине, иштешине шар[illegible]үзүлгөн. К. а-нын учуусу эки бөлүктөн турат[illegible]рилген багыт б-ча белгилүү ылдамдыкка же[illegible]ргүүчү болук, чыгаруу бөлүгү ж-а орбита[illegible]к болук. К. а-на 8 *км/сек*га жакын ылдамды[illegible]берүү үчүн көп баскычтуу ракеталар пайдаланылат. *Жердин жасалма жандоочусунун* ылдамдыгы биринчи космос ылдамдыгына барабар же ашыгыраак; планета аралык К. а. экинчи космос ылдамдыгына ээ болот; ал эми үчүнчү космос ылдамдыгына ээ болсо – Күн системасынан чыгып кетет. К. а-н Жерге ж. б. асман телолоруна кондурууда космостук ылдамдыкты нөлгө чейин төмөндөтүү – космоско учуу проблемаларынын эң татаалы. К. а-н токтотуу эки түрдө болот: тормоздоочу реактивдүү күч аркылуу (Айга кондурууда); аппарат атм-рага киргенде пайда болуучу аэродинамикалык күчтүн жардамы м-н (Жерге кондурууда). К. а. атм-рада түшүп келе жатканда аэродинамикалык ысуу болот. Ошондуктан ысыкка чыдамдуу, жылуулукту начар өткөрүүчү материалдар (керамикалык негиздеги орг. материалдар ж. б.) м-н капталат. О. эле Жерге жакындаганда кыймыл ылдамдыгын азайтуу үчүн парашют системасы колдонулат. К. а-нын борт жабдуу комплексине: энергия булагы, жылуулук жөнгө салгыч, радиобайланыш ж-а радиотелеметрия, кыймылды багыттоо ж-а башкаруу, тиричилик камсыздоо, кондуруучу ж. б. системалар кирет. Биринчи К. а. 1957-ж. 4-октябрда учурулган. К. а-нын аракет кылуу узактыгы 5–7 ж. ж-а байланыш аралыгы жүздөгөн млн *км*. 2000-жылдан тартып долбоорлонуп, «Союз» сериясындагы космос кемелерин «Клипер» К. а-ына алмаштырууга арналган. 2011-ж. экипажы жок учуруу ж-а 2012-ж. бир нече кишиден турган К. а-н учуруу пландалууда.

КО́СМОС КЕМЕСИ – адамды ж-а керектүү каражаттарды космоско алып чыгуучу аппарат. К. к-нин негизинен жашоого мүмкүн болгон жылчыксыз кабинадан, Жерге кайтып келүүчү аппараттан, кондурууда ж-а манёвр жасоодо орбитасын өзгөртүүчү кыймылды башкаруучу түзүлүштөн турат. Жер орбитасында учуучу К. к. – жандоочулар (к. *Жердин жасалма жандоочулары*), ал эми асман телолоруна учурулуучу планета аралык (экспедициялык) К. к. деп аталат. О. эле орбиталык станцияларга адам, жүк жеткирип, кайра алып келе турган транспорттук К. к. бар, мис., *«Восток»*, *«Восход»*, «Союз», «Меркурий», «Джемини», *«Аполлон»* ж. б., к. *Космос аппараты*.

КО́СМОС СТАНЦИЯСЫ – космосто космонавттардын иштешин ж-а эс алуусун камсыз кылуучу орбитадагы *космос аппараты*. Биринчи К. с. *«Салют»* (уз. 14 *м*) 1971-ж. учурулган. 1973-ж. учурулган «Салют-2» К. с-нда космонавттар 22 күн иштешкен. Ошол эле жылы АКШнын «Скайлэб» (уз. 27 *м*) К. с. учурулган ж-а үч экипаж иштеп, 1978-ж. орбитадан алынып, ишин токтоткон. Андан кийин орбитага «Салют» ж-а «Мир» К. с-лары учурулган. «Прогресс» космос кемеси «Салют» К. [illegible]отун м-н камсыз кылып анын иштөө мөөнөтү[illegible]узарткан. «Мир» К. с-нын жалпы салмагы 100[illegible] болгон. Көп улуттан турган Эл аралык К. с[illegible]998-ж. чыгарылган. К. с. астрономдор үчүн ж[illegible]ы шарттарды түзүп, Жердеги жаратылыш б[illegible]лыктарын, биол. изилдөөдө, салмаксыз а[illegible]да ар кандай материалдарды иштетүүдө, кристалл өстүрүүдө ж. б. жүргүзөт.

КОСМОСТОН СҮРӨТКӨ ТАРТУУ, космостук съёмка – космосто учуп жүрүүчү аппараттардагы так приборлордун жардамы м-н Жердин, асман телолорунун, тумандуулуктардын, галактикадагы ар кандай кубулуштардын сүрөтүн, элесин, турпатын, түсүнүн кагаз бетине түшүрүү. Жер бетинин түзүлүшү өз алдынча ыкма м-н тартылып, ири аймакты кучагына алат. Мындай тартылган сүрөттүн жардамы м-н Жердин атм-сы, литосферасы ж-а ландшафттык түзүлүштөрү, глобалдык, аймактык, зоналык өзгочөлүктөрү изилденет. Бир эле аянт бир нече жолу кайталанып тартылгандыктан, жаратылыштагы кубулуштардын мезгилдик өзгөрүүлөрүн (жаан-чачын, суу сактагычтарла суунун толушу, жанартоолордун атылышы, орттун чыгышы ж. б.) көзөмөлгө алууга шарт түзүлөт. Мурда электр-магниттик толкундардын көзгө көрүнгөн спектрдик диапазонунда жүргүзүлүп, контейнер парашюту м-н Жерге түшүрүлчү. Азыр ак-кара, түрдүү түстүү сүрөттөр телеге тартылып, инфражылуулук, микротолкун, радар, спектрометр сыяктуу фотоэлектрондук сүрөткө түшүрүүлөр пайдаланылат. Бирок колдонулуучу приборлор аэросъёмкадагыдай эле. Мында сүрөткө түшүрүүнүн орт. масштабы 1:1 000 000дон 1:10 000 000го чейин. Жерди К. с. т. иштери 1946-ж. ракета, 1960-ж. Жердин жасалма жандоочусу, 1961-ж. киши башкаруучу космостук кемеде Ю. А. Гагарин тарабынан ишке ашкан. 1976-ж. «Союз–22» космос кемесинде «Карл Цейс Йена» (ГДР) элдик мекемеси МКФ–6 деген көп зоналуу аппаратты колдонуп, көп түстүү электр жарыгынын жардамы м-н Жерди сүрөткө тартып алган. Жердин бир тарабы түрдүү түстө (спектрдин бардык зонасында) сүрөткө тартылып, боёктуу ж-а ак-кара түскө караганда так маалымат бере алган. Тартылып алынган сүрөттөр, маалыматтар метеорологияда, геологияда, геоморфологияда, чарбанын бардык тармактарында кеңири колдонулат.

Ад.: *Петров Б. Н.* Орбитальные станции и изучение Земли из космоса//Вест. АН СССР. 1970, № 10; Исследование природной среды пилотируемых орбитальных станций. Л., 1972.

КОСМОСТУК ЧЕЛНО́К – Жер орбитасына адамдарды ж-а жүктөрдү ташуу үчүн колдонулуучу космос кемеси. АКШнын «Спейс шаттл» К. ч-у 1981-ж. учурула баштаган, ал эми сов. «Буран» К. ч-у орбитага «Энергия» деп аталган ракета алып жүрүүчүнүн жардамы м-н 1988-ж. автоматтык түрдө өзүнүн жалгыз учуусун аткарган. О. эле Европ. космос агентчилигинин «Гермес» К. ч-у иштелип чыккан. «Спейс шаттл» К. ч-унун транспорттук системасы негизинен үч ракеталык кыймылдаткычтан, эки катуу отундуу ракеталык ылдамдаткычтан турат ж-а алар учкандан эки мүнөт өткөндөн кийин ажырап жерге түшөт. К. ч. 30 тга чейинки жүктү алып жүрө алат. Кайра атм-га киргенде *планер* сыяктуу учуп, конуу жолуна конот. 1986-ж. январдан 1988-ж. сентябрга чейин АКШ «Челленджер» К. ч-унун жарылуусунан кийин «Спейс шаттл» программасын иштетүүнү токтоткон. 1989-ж. учуулар калыбына келтирилген.

КО́СМОС ЫЛДАМДЫГЫ – гравитация талаасында космос аппаратынын орбитага чыгарылган учурдагы ылдамдыгынын төмөнкү чектик мааниси. Астрономияда ж-а космостук учуулардын динамикасында үч (биринчи, экинчи, үчүнчү) К. ы. колдонулат. *Жердин жасалма жандоочуларынын* биринчи К. ы. $v_1 = \sqrt{GM/r}$, мында G – гравитациялык туракгуулук, М – жер массасы, r – Жер борборунан нерсенин Жерге салыштырмалуу айланган траекториясына жаныма б-ча багытталган ылдамдыгы v_1ге барабар болгон мейкиндик чекитине чейинки аралык. Биринчи К. ы. (айлануу ылдамдыгы) – нерсеге ал Жердин жасалма жандоочусу болушу үчүн берилген эң кичине баштапкы ылдамдык. Биринчи К. ы. $v_1 = 7{,}91$ *км/сек* м-н орбитага чыгарылган аппарат эллипс же айлана б-ча кыймылдайт. Экинчи К. ы. (парабола ылдымдыгы) $v_2 = \sqrt{2GM/r} = v_1\sqrt{2}$. Экинчи К. ы. (11,186 *км/сек*) м-н орбитага чыгарылган аппарат Жердин тартуу күчүнүн таасиринен чыгып, Күн системасындагы башка планеталарды көздөй учат. Үчүнчү К. ы. ($v_3 = 16{,}6$ *км/сек*) м-н орбитага чыгарылган аппарат Жердин ж-а Күндүн тартуусунан чыгып, Күн системасынан башка жылдыз аралык мейкиндикке өтөт. Бул ылдамдыктардын сан маанилери Жерден учурулган аппараттарга гана тиешелүү, ал эми алар башка планетадан учурулса, ал ылдамдыктын сан маанилери ар башка болот. Анткени ал сан маанилери планеталардын гравитациялык таалааарынын касиеттерине көз каранды.

КО́СОВО – Балкан ж. а-ндагы мамлекет. Түндүгүнөн ж-а чыгышынан Сербия, батышынан Черногория, түш.-батышынан Албания, түштүгүнөн Македония м-н чектешет. Аянты 11 мин *км*^{2}.

Калкы 2 млн чамасында (2010); негизинен албандар, о.эле серб, черногориялыктар жашайт. Борбору – Приштина ш.

Өлкөнүн аймагынын басымдуу бөлүгүн Косово талаасы ж-а Метохия ойдундары ээлейт. Ойдундар аркылуу Ак Дрин, Ибар д. агып өтөт. Климаты мелүүн, континенттик (январдын орт. темп-расы 0°Сдей, июлдуку 20°С; жылдык орт. жаан-чачыны 700 *мм*). Тоо капталдарын жазы жалбырактуу токой, шалбаа ээлейт; жайыты арбын.

8–12-к-да К. аймагы Рашка мамлекетине, Биринчи Болгар падышалыгына ж-а Византияга, 12-к-дын аягында сербдердин бирдиктүү мамлекетине кирген. 1346-жылдан Серб патриархатынын (резиденциясы – Печ ш.) борбору болгон. *Косово талаасындагы салгылашуудан (1389)* кийин К. Сербия м-н бирге түрк султандыгынын (1459-жылдан Осмон империясынын курамында) вассалына айланган. 17-к-га чейин аймактагы калктын көп бөлүгүн сербдер түзгөн. 1683–99-ж. Австрия-Түркия согушунун жүрүшүндө К. аймагын австриялык аскерлер ээлеп, сербдер массалык түрдө К-дон чыгып кетишкен. 19-к-дын аягында К. албандардын улуттук кыймылынын борборуна айланган. 1878-ж. Призрен ш-нда аскердик-саясий уюм – Призрен лигасы (Албан лигасы) уюшулуп, Осмон империясынын курамындагы бардык албандарды автономиялык адм. бирдик түзүүгө чакырган. Түрк бийлиги автономия ж-дө маселени кароодон баш тартканда, албан улуттук кыймылынын лидерлери алар м-н болгон байланыштарын үзгөн. Призрен лигасынын куралдуу отряддары К. аймагынын бир бөлүгүн басып алып, жерг. албан администрациясынын органдарын түзгөн. 1881-ж. К. аймагына түрк аскерлеринин кириши м-н кыймыл токтотулган. 1897–1900-ж. К-до албандардын кыймылы кайрадан күч алган. *Балкан согуштарынын (1912–13)* натыйжасында К. Сербия м-н Черногориянын, 1918-ж. Серб, хорват ж-а словендер (1929-жылдан Югославия) королдугунун курамына кирип, 3 адм.-айм. бирдиктердин (Вардар, Зет ж-а Моравия бановиндери) ортосунда бөлүштүрүлгөн. 1941-ж. Улуу Албаниянын курамына К-нун борб. бөлүгү, 2-дүйнөлүк согуш убагында К-нун көп бөлүгү Албания итал. протекторатынын курамына бириккен. Итал. аскерлердин оккупациясы мезгилинде 40 миңдей серб өлтүрүлүп, 100 миңдей серб К-ну таштап кетүүгө аргасыз болгон. 1944-жылдын аягында К. аймагы итал. аскерлерден бошотулуп, 1945-ж. кайрадан Югославия Федеративдик Эл Респ-нын (1963-жылдан Соц. Федерациялык Югославия Республикасы, СФЮР) курамына кошулган. 1945–63-ж. АО, 1963–69-ж. Сербия Респ-нын курамындагы Косово ж-а Метохия автономиялык крайы (1969-жылдан Косово). 1974-ж. СФЮРдун Конституциясы б-ча крайдын автономиялык статусу кеңейип, К. СФЮРдун өзүнчө субъектисине айланып, Сербия м-н бирдей укуктарга ээ болгон. 1981-ж. крайда студенттик массалык толкундоолор өтүп, Югославиянын чегинде толук укуктуу респ. статусун талап кылышкан. 1989-ж. сербиялык Скупщина Сербия Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизип, автономиялык крайдын укуктарын чектеген. Бул чечим албандык сепаратизмдин күчөшүнө алып келип, кан төгүүлөрдөн кийин К-до аскердик абал киргизилген. Ошол эле жылы К-до И. Ругова жетектеген Косово Демокр. лигасы түзүлгөн. 1991-ж. сентябрда көз карандысыз Косово Респ-нын түзүлгөндүгү жарыяланган. 1992-ж. майда президенттик ж-а парламенттик шайлоолор өткөрүлүп, И. Ругова К. президенти болуп шайланган. 1996-ж. К-до «Косово боштондук армиясы» (КБА) түзүлүп, ал Сербия мамл. бийлигинин өкүлдөрүнө ж-а жерг. сербиялык калкка каршы террор баштаган. 1998-ж. кырдаал курчуп, кагылышуулар куралдуу түргө өткөн. Сербиялык коопсуздук күчтөр КБАнын базаларына каршы чабуул жасап, аны Албанияны көздөй сүргөн. Югославия Союздук Респ-нын (ЮСР) жетекчилиги аймактагы тынчтык абалды калыбына келтирүү ж-дө Ругова м-н сүйлөшүүлөрдү баштаган. Бул б-ча ЮСР президенти С. Милошевич К-го Сербия курамында улуттук автономия укуктарын кеңейтүүгө даяр экендигин билдирген. 1999-ж. 24-мартта НАТО ЮСРге каршы агрессиясын баштап, Сербия аймагын бомбалаган. 1999-ж. БУУнун Коопсуздук кеңешинин резолюциясы б-ча К. аймагында туруктуулук м-н тартиптүүлүктү сакташ үчүн НАТО жетектеген эл аралык күчтөр киргизилген. К-ну убактылуу БУУнун Генералдык секретарынын атайын өкүлү башкарып, ал БУУнун Косоводогу Миссиясын жетектеген. 2004-ж. октябрда К-до парламенттик шайлоо өткөрүлүп, Косово Демокр. лигасы жеңишке жеткен. 2008-ж. 17-февралда К. парламенти К-нун көз карандысыздыгын жарыялаган. 2011-жылдын февралына БУУга мүчө болгон 192 мамлекеттин 75и К-нун эгемендүүлүгүн тааныган. 2010-ж. 22-июлда БУУнун эл аралык соту К-нун эгемендүүлүгүнүн жарыяланышын эл аралык укукка каршы келбейт деп тааныган.

К. – негизинен агрардык өлкө, экон. активдүү калктын $^1/_2$не жакыны а. ч-нда эмгектенет. Дан эгиндери (жүгөрү, буудай, арпа), тамеки, жашылча-жемиш, бак-дарак өстүрүлөт; жүзүмчүлүк кеңири таралган. Кол өнөрчүлүк өнүккөн. Өнөр жайында коргошун-цинк кенташтарын казып алуунун ж-а эритүүнүн мааниси зор. О. эле лигнит, хромит, магнезит казылып алынат. Химия, цемент, жыгач иштетүү, кагаз, текстиль, булгаары, тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт.

Ад. *Овчинский В. С.* «Независимость» Косово в зеркале теневой политики. М., 2008.

Ө. Бараталиев, Ш. Керимова.

КО́СОВО ТАЛААСЫНДАГЫ САЛГЫЛАШУУ (1389) – сербиялык-босниялык аскерлер м-н түрк султаны Мурад Інин ортосундагы согуш. 1389-ж. 15-июнда эртең менен Приштин ш-на жакын жерде, Косово талаасында князь Лазарь башында турган 15–20 миң сербиялык-босниялык аскерлер түрк султаны Мурад Інин армиясынан (27–30 мин) жеңилген. Лазарь туткунга түшүп, өлтүрүлгөн ж-а 50 миңдей серб аскери мууздалган. Согуштун жүрүшүндө Мурад I өзү да өлүп, (жаш серб Милош Обилич канжар м-н сайган), анын ордун баскан *Баязид I* (Мурад Інин уулу) туткундарды өлтүрүүгө буюрган. Бул салгылашуудан кийин түрктөрго Дунай, Сава ж-а Тимока д-нын алабындагы аймактар өткөн ж-а Сербия Осмон империясына көз каранды болуп, 1459-ж. анын курамына толук киргизилген.

КОСТАНАЙ – Казакстандагы шаар. Костанай обл-нун адм. борбору. Тобол д-нын сол жээгинде жайгашкан. Калкы 205,5 миң (2004). Т. ж. тоому. 1879-ж. негизделип, Новониколаевск, 1893-жылдан шаар болуп, Николаевск деп аталган. 1895-жылдан азыркы атында. 1921–25-ж. Ак-Төбө обл-ндагы Костанай губерниясынын, 1925–30-ж. округунун, 1930-ж. районунун 1936-ж. Костанай обл-нун борбору. Жеңил (камвол-нооту комбинаты; «Большевичка» бут кийим ф-касы), тамак-аш (эт-сүт, ун-жарма, нан комбинаттары), курулуш материалдар (темирбетон, кыш з-ддору), машина куруу ж-а металл иштетүү, хим., электр энергетика о. ж. ишканалары ж-а о. эле 10 АК, 9 ЖЧК, 4 МКК иштейт. Пед. ун-т, а. ч. ин-ту, коллеждер (кооперация, индустр., автомобиль, курулуш), 2 кесиптик-тех. окуу жайлары, музей, 2 мад-т үйү, обл. драма театр, филармония, 13 китепкана, оорукана, диспансерлер бар.

Ад.: Кустанай: вчера, сегодня, завтра. А.-А., 1979.

КОСТАНАЙ ОБЛУСУ Казакстан Респ-ндагы адм.-айм. бирдик. 1936-ж. 29-июлда Костанай м-н Торгой обл-нун негизинде уюшулган. Респ-нын түн. бөлүгүндө, Тобол д-нын жогорку алабында жайгашкан. Аянты 196,0 миң *км*^{2}. Калкы 913,3 миң (2004). Борбору – Костанай ш. Шаар калкы 54,2%. Ири шаарлары: Рудный, Лисаковск, Аркалык, Жетигара. Облустун курамында 16 район, 5 шаар, 13 шаарча бар.

Облустун аймагы негизинен Торгой ж-а Чыгыш Урал платолорунан орун алган. Токойлуу талаа, талаа ж-а жарым чөл зонасында жатат. Эң бийик бөлүгү *Казак Сары-Аркасы* (андагы бийик жерлер: Каракуш, бийикт. 397 *м*; Кокчо-Тоо, 478 *м*; Кайынды-Чоку, 569 *м*). Кен байлыктарынан темир, боксит, никель, титан, асбест, күрөң көмүр ж-а курулуш материалдарынын ири кендери бар. Климаты кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы –18...–19°С, июлдуку 19–20°С. Жылдык жаан-чачыны 300 *мм*ден (батышында) 170 *мм*ге (чыгышында) чейин, анын 75%и жылдын жылуу мезгилине туура келет. Ири дарыясы – Тобол (Обдун куймасы), анын куймалары – Сынташты, Аят, Уй, Убаган. Анча чоң эмес майда көлдөрү көп. К. о-нун түн. бөлүгүнүн кыртышы кара топуракту (аймагынын 40%и) келип, тулаң ж-а ар түркүн талаа өсүмдүктөрү, кайын, бай терек, мырза карагай, ал эми түш. бөлүгү конур топуракту, мында бетеге, тулаң чөптөр, кумдуу топуракта анча бийик эмес мырза карагай өсөт. 1930-ж. Наурызым мамл. коругу уюштурулган.

Облустун экономикасынын негизин тоо-кен ө. ж. түзөт. Айрыкча темир кенин казып алуу ж-а иштетүү чоң мааниге ээ. Соколов-Сарыбай (Рудный ш-нда), Кашар (Кашар шаарчасында), Лисаков (Лисаковскиде; мында иштетилген кен Германияга экспорттолот) кен иштетүү комбинаттары бар. Облуста Казакстандын темир кенинин 85%и казылып алынат. О. эле тамак-аш (эт-сүт, сары май, ун, пиво ж. б.), жеңил (текстиль, бут-кийим), машина куруу ж-а металл иштетүү ө. ж. ишканалары иштейт.

Облуста республиканын эгин аянтынын 18%и, малынын 13%и жайгашкан. А. ч-га жарактуу жери 18,1 млн *га*, анын 4723,3 миң *га*сы эгин аянты, 136,0 миң *га*сы чабынды, 450,0 миң *га*сы жайыт. Мурунку чарбалардын ордуна 37 ЖЧК м-н АК ж-а жүздөгөн фирмалар ж. б. уюшулду.

К. о-нун аймагы аркылуу электрлештирилген Астана – Карталы т. ж. магистралы өтөт. Т. ж-нун уз. 1355 *км*, автомобилдики 8,3 миң *км*. 2003-ж. жалпы билим берүүчү 729 мекеме, 8 ун-т м-н пед. ин-т, мад-т үйлөрү, китепканалар, музейлер бар.

Ад.: Костанай облусу // Казакстан улуттук энциклопедиясы. Алматы, 2004.

КО́СТА-РИ́КА, Коста-Рика Республикасы – Борб. Американын түш. бөлүгүндөгү мамлекет. Түн.-чыгышынан Кариб деңизи, бамлекет. Түн.-чыгышынан Кариб деңизи, батышы м-н түштүгүнөн Тынч океан м-н чулганат (деңиздик чек арасынын уз. 1290 *км*).





Түндүгүнөн Никарагуа, түш.-чыгышынан Панама м-н чектешет (кургактыктагы чек арасынын жалпы уз. 639 *км*). К.-Р-га Тынч океандагы Кокос а. да таандык. Аянты 51,1 миң *км*^{2}. Кал-

кы 4549,9 мин (2008). Борбору – Сан-Хосе. Расмий тили – испан тили. Акча бирдиги – костарика колону. Адм.-айм. жактан 7 провинцияга, алар өз ичинен 68 кантонго бөлүнөт.

Администрациялык-аймактык бөлүнүшү (2008)

Провинция	Аянты, км²	Калкы, мин	Адм. борбору
Алахуэла	9,8	859,1	Алахуэла
Гуанакасте	10,1	314,2	Либерия
Картаго	3,1	512,1	Картаго
Лимон	9,2	419,5	Лимон
Пунтаренас	11,3	431,3	Пунтаренас
Сан-Хосе	4,9	1590,9	Сан-Хосе
Эредия	2,7	422,8	Эредия



Ареналь жанартоосу.

К.-Р. – БУУга (1945), ЭВФке (1946), Эл аралык өнүгүү ж-а реконструкция банкына (1946), Америка өлкөлөрүнүн уюмуна (1948), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна (1995) мүчө.

Мамлекеттик түзүлүшү. К.-Р. – унитардык мамлекет. Конституциясы 1949-ж. 7-ноябрда кабыл алынган. Башкаруу формасы – президенттик респ. Мамлекет ж-а өкмөт башчысы – президент, 4 жылга (кайра шайланууга укуксуз) шайланат. Мыйзам чыгаруу бийлигинин жогорку органы – бир палаталуу парламент (Мыйзам чыгаруучу ассамблея), 57 депутаттан турат, 4 жылга шайланат. Аткаруу бийлигин министрлер кабинетинин жардамы м-н президент жүзөгө ашырып, министрлерди дайындайт. К-Р-да көп партиялуу система орун алган. Саясий партиялары – Улуттук боштондук партиясы, Жарандык аракет партиясы, Боштондук кыймыл партиясы, Социал-христиандык биримдик партиясы.

Табияты. Кариб денизинин жээги түздүктүү, айрым жерлери өтө саздашкан, мангр токою м-н курчалган; Тынч океандын жээги өтө тилмеленген (жарым арал, булуңдуу), абразия-бухталуу. Материктен түш.-батыш тарапта жанартоонун атылуусунан пайда болгон Кокос а. жайгашкан. Өлкөнүн басымдуу бөлүгүн тоолуу рельеф ээлейт. Борб. бөлүгүндө түн.-батыштан түш.-чыгышты карай жанартоолуу Кордильера-де-Гуанакасте (жанартоолору: Миравальес, бийикт. 2028 *м*; Ринков-де-ла-Вьеха, 1806 *м*; 1968-жылдан бери тынымсыз аракеттеги – Ареналь жанартоосу, 1633 *м*), Борб. Кордильера (жанартоолору: Ирасу, бийикт. 3432 *м*; Турриальба, 3328 *м*; Барба, 2906 *м*; Поас, 2704 *м* ж. б.) кырка тоолору созулуп жатат. Борб. Кордильеранын түш.-батышында жанартоодон пайда болгон, 900–1200 *м* бийиктикте жайгашкан Борб. плато – өлкөнүн эң өздөштүрүлгөн ж-а калк жыш отурукташкан району. Түш. бөлүгүндө жайгашкан, өтө тилмеленген Кордильера-де-Таламанка кырка тоосунун бийикт. 3819 *м* (Чирипо-Гранде чокусу – өлкөнүн эң бийик жери). Өтө катуу жер титирөө болуп турат; түш.-батыш жээги цунаминин таасирине чалдыгат. Эң маанилүү кен байлыгы – алтын (Бельявиста ж. б. кендери); о. эле күмүш, аллюминий, жез, коргошун, цинк, марганец, хром ж. б. кендери бар. Цементтик акиташ тегинин, карапалык чопонун, диатомиттин, табигый курулуш материалдарынын ө. ж-лык мааниси бар.

К.-Р. субэкватор климат алкагында жайгашкан. Түн.-чыгыш ж-а түш.-батыш аймактарынын климаты өтө нымдуу (жылдык жаан-чачыны 3000–4000 *мм*). Жыл бою мол жаайт, январь–мартта бир аз азайып (айына 50–100 *мм*), сентябрь–октябрда көп (айына 600 *мм*ден ашык) жаайт. Айлык орт. темп-расы 23°Сден 26°Сге чейин (Лимон). Түн.-батыш бөлүгүндө жаан-чачын кыйла аз (жылына 1000–1500 *мм*) жаайт; кургакчыл сезон даана байкалат (декабрь – апрель), айлык орт. темп-расы 26,5°Сден 28,5°Сге чейин (Пунтаренас). Тоолордо жаан-чачындын олчөмү каптал экспозициясына байланыштуу, батыш ылымта капталдарына ж-а тоо аралык ороондорго аз жаайт); абанын темп-расы бийиктеген сайын төмөндөйт; 1000 *м* бийиктикте орт. темпра 21–23°С (Сан-Хосе), бийик тоолордо абанын орт. темп-расы 10°Сден ашпайт. Дарыя тармагы жыш; Кариб денизинин алабына кирген дарыялардын (Сан-Хуан, Парисмина, Матина ж. б.) суусу жыл бою мол, ал эми Тынч океандын алабындагы дарыяларга (Темписке, Рио-Гранде-де-Тарколес, Рио-Гранде-де-Терраба) агымынын сезон б-ча өзгөрүүсү ж-а жайында суунун кирүүсү мүнөздүү. Дарыялары босоголуу, басымдуу болүгүндө кеме каттабайт, гидроэнергетика ресурстарына бай. Жыл сайын калыбына келүүчү суу ресурстары 112 *км*³ди түзөт; өлкөнүн ар бир тургунуна жылына 26,4 мин *м*³ суу туура келет.

Кариб бою түздүгүнүн басымдуу болүгүно ж-а тоолордун айдарым капталдарына кызыл-сары ферралит, өлкөнүн түн.-батышына кызыл ферралит, айрым жерлерине күңүрт-кызыл ферралит топурактары мүнөздүү. Түздүктөрдө күңүрт түстүү слитозём, саз ж-а аллювий, жээктерде марш топурактары өөрчүгөн. Борб. платодо күр-

дүү жанартоо топурактары тараган. Өлкөнүн экол. негизги проблемаларынын бири – активдүү эрозиядан кыртыштын тилмеленүүсү. Өлкөнүн аймагынын чакандыгына карабай анын биол. ж-а ландшафттык ар түрдүүлүгү өтө жогору. Флорасынын курамында татаал өсүмдүктөрдүн 11 мин түрү бар, ан... 950 түрү – эндемиктер, 450дөн ашык түрү ж... олуу алдында турат. Токой өлкөнүн аймагы... н 46,8% аянтын ээлейт, бирок 20-к-дын ор... ында эле токойлуулук 85%ке жеткен. 199... кылдардын ортосуна чейин К.-Р. токойсуз... уу б-ча Латын Америкасында өтө жогору, дү... дө эң жогору өлкөлөрдүн бири болгон; 2000-жылдардын башталышынан токойсузануу кыйла басандаган, сакталып калган токой массивдери коргоого алынган. Кариб бою ойдунунда ж-а тоолордун чыгыш капталдарында (600–800 *м* бийиктикке чейин) нымдуу дайыма жашыл тропик токою таралган, ал бийик ж-а көп ярустуу келип, баалуу даректарга бай, токой астында түрдүү пальма, эпифиттер жыш өсөт. Ал каптал өйдө дарак сымал папоротниктүү «туман токою» м-н алмашат. 2000–2300 *м* бийиктиктен жогору эмендин эндемиялык түрлөрүнөн турган токой таралган. Эң бийик чокуларын бийик тоо шалбаасы – парамо ээлейт. К.-Р-нын түн.-батыш бөлүгүнө ж-а батыш ылымта капталдарына сезондуктнымдуу ж-а кургакчыл тропиктик токой мүнөздүү; азыр алардын басымдуу бөлүгү экинчи жолку саванна, а. ч. жерлери м-н алмашкан. Борб. платодо маданий өсүмдүктөр үстөмдүк кылат. Сүт эмүүчүлөрдүн 230дан ашык (13 түрү жоголуу алдында), канаттуулардын 830дан ашык түрү белгилүү (18 түрү жоголуу алдында). Сойлоочулары м-н жерде-сууда жашоочулары да ар түрдүүлүгү ж-а жогорку эндемизми м-н өзгөчөлөнөт. Токойлордо жоголуу алдында турган ж-а мамлекет тарабынан коргоого алынган, Борб. Америкага мүнөздүү мышык сымалдардын (оцелот, пума, онцилла, ягуар, америка мадылы) түрлөрү, тапир, алп кумурскачы ж. б. кездешет. Жээктерде сейрек кездешүүчү деңиз таш бакасынын жатактары, деңиз куштарынын ири топтору

КОСТА-РИКА



коргоого алынган. Жээк сууларынын биол. ар түрдүүлүгү (деңиз балыгынын 700дөн ашык, деңиз сүт эмүүчүлөрүнүн 200дөн ашык түрү) өтө жогору.

Өлкөнүн аймагынын $^1/_4$ бөлүгүн ээлеген улуттук табият парктары уюшулган. Коргоого алынган аймактардын саны ж-а статусу б-ча К.-Р. Борб. Америка өлкөлөрүнүн ичинен 1-орунда. Ла-Сельва биол. станциясы – тропиктик экосистеманы изилдөөчү дүйнөдө ири борборлордун бири. Ири Ла-Амистад улуттук паркында (ЮНЕСКОнун биосфералык резерватына киргизилген) Борб. Америкадагы жерг. тропиктик токойдун эң ири массиви корголот. Сарино-Бальена ж-а Исла-дель-Коко деңиз коруктары, бийик тоолуу Чиррипо улуттук паркы, Монтоверде тропиктик жамгыр токою коругу белгилүү. Бүткүл дүйнөлүк мурастардын тизмесине Кокос аралы улуттук паркы, коргоого алынган Гуанакасте аймагы, Таламанка Рейнж ж-а Ла-Амистад резерваттар тобу (К.-Р., Панама) киргизилген.



Кокос аралы.

Калкы. Коста-рикалыктардын көбүн (78,7% ин) актар (креолдор) түзөт. Чибча индейлери негизинен өлкөнүн түштүгүндө жашап, 1,7% ти, метистер 9,7% ти, Латын Америкасынын башка өлкөлөрүнөн келгендер 6,8% ти, Весть-Индиялык негрлер (ямайкалыктар) 1,3% ти, кытайлар 0,8% ти түзөт, о. эле америкалыктар, басктар, англис, араб, еврей улуттары да жашайт. 20-к-дын ортосунан баштап К.-Р-нын калкынын саны 6 эсе өскөн (1950-ж. 800,8 миңден 2000-ж. 3810,2 миңге чейин). Региондун жалпы өлкөлөрүндөгүдөй эле К.-Р-да төрөлүүнүн төмөндөшүнөн (2008-ж. 1000 адамга 17,4 бала) ж-а өлүм-житим деңгээлинин туруктуулугунан (1000 тургунга 4,3 адам – Латын Америкасындагы эң төмөнкү көрсөткүч) калктын табигый өсүүсүнүн темпи басаңдоодо (1,34 %). Калкынын орт. курагы 27,1 жаш. Эмгекке жарамдуу калкы (15–64 жаш) 66,8%, балдар (15 жашка чейинкилер) 27,2%, 65 жаштан ашкандар 6,0% (2008). Калкынын жашынын күтүлгөн орт. узактыгы 77,4 жаш, эркектериники 74,8, аялдарыныкы 80,1 (2008). Орто эсеп м-н 100 аялга 102 эркек туура келет. К.-Р. жашоого ыңгайлуу өлкө болгондуктан, коңшу өлкөлөрдөн келген мигранттар көп (миграция сальдосу 10 миң тургунга 4,8 адам, 2008; өлкөнүн калкынын табигый өсүүсүнүн $^1/_3$и да мигранттардын эсебинен түзүлөт, Расмий маалымат б-ча К.-Р-нын калкынын 7,8% и иммигранттар ж-а ал[illegible]ын тукумдары (2000; 1950-ж. 4,5% болгон), [illegible]арагуалыктар 5,9%, панамалыктар 0,3%, [illegible]ерикалыктар (АКШ) 0,3%, сальвадорлуктар[illegible]%, колумбиялыктар 0,2%. Калкынын орт. [illegible]штыгы: 1 $км^2$ жерге 89,1 адам туура келет ([illegible]). Калк өлкөнүн аймагы б-ча бир кылка оту[illegible]ташкан эмес. Анын $^3/_5$ү Борб. платодо, о. эл[illegible]икоя булуңунун ж-а Кариб деңизинин жээ[illegible]ринде да калк жыш жайгашкан; бул аймактарда калктын жыштыгы адатта 1 $км^2$ жерде 100 адамдан ашып кетет. Тынч океан жээгинде калктын орт. жыштыгы 1 $км^2$ жерге 30–50 адам. Калк эң сейрек (1 $км^2$ жерге 1 адамдан аз) отурукташкан аймактары – Кариб деңизинин жээгиндеги ж-а Сан-Хуан д-нын алабындагы саздуу түздүктөр, бийик тоолуу аймактар, Оса ж. а. Шаар калкы 59% (2007). Эң ири шаары – Сан-Хосе (калкы 343,5 миң, шаар агломерациясында 1666,6 миң; 2008); башка ири шаарлары: Сан-Франсиско (Сан-Хосе агломерациясынын курамында, калкы 66,4 миң), Лимон (65,8 миң), Либерия (52,4 миң). Экон. активдүү калкы 2018, миң (өлкөнүн калкынын 45,4% и, 2007). Калктын 75% ке жакыны католиктер, 13% ин протестанттар, 3% ин башка диндегилер, 9% ке жакыны динди тутушпайт.

Тарыхы. К.-Р-нын азыркы аймагына негизинен чибча индейлери 16-к-дын башында отурукташкан. 1573-ж. аларды испандар басып алып, көбүн кырган. 1560-ж. К.-Р. Гватемала генерал-капитандыгынын курамына кирген. 1821-ж. Латын Америкасындагы көз каранды эместик үчүн согуш мезгилинде Гватемала генерал-капитандыгына көз каранды эместиги жарыяланган. К.-Р. 1822-ж. А. де Итурбиде Мексика империясынын, 1823-ж. Борб. Америка бириккен провинциясынын курамына (өз өкмөтүн ж-а автономиясын сактап калган) кирип, борбору Сан-Хосе ш. болуп калган. 1820-жылдары К.-Р-да либералдык ж-а консервативдик саясий топтор калыптанган. 1820–30-жылдары негизинен либералдык топтун өкүлдөрү прогрессивдүү кайра түзүүлөрдү жүзөгө ашырган. Губернатор Х. Море Фернандестин башкаруу мезгилинде (1824–33) К.-Р-нын алгачкы конституциясы кабыл алынган (1825). Билим берүү системасы жакшырып, жолдор салына баштаган. 1838-ж. К.-Р. Борб. Америка бириккен провинциясынын курамынан чыккан. 1848-ж. 30-августта өлкө конгресси К.-Р. Респ-нын эгемендүүлүгү ж-а көз каранды эместиги ж-дө декларация кабыл алып, мамлекеттин желеги м-н гимнин бекиткен. 1856–60-ж. К.-Р. региондогу башка мамлекеттер м-н бирге амер. жаран У. Уокер жетектеген флибустьерлердин Борб. Американы каратып алуу аракеттерине каршы күрөшкөн. 1850-жылдардын аягында К.-Р-нын экономикасы өтө тез темп м-н жогорулай баштаган. 19-к-дын аягында борборду Кариб ж-а Т[illegible]ч океан жээктериндеги өлкөлөр, о. эле порт[illegible] м-н бириктирүүчү т. ж. бутактары салыны[illegible] өлкөнүн экономикасына чет өлкөлүк капита[illegible]ире баштаган (негизинен түн. амер.). Президе[illegible] Р. де Х. Хименес Ореамунонун учурунда ([illegible]0–14) салык киргизилип, (андан түшкөн акча[illegible]р билим берүүнүн өнүгүшүнө жумшалган), [illegible]миянын саны 1 миң кишиге кыскарган. 2[illegible]-к-дын башында жаңы саясий партиялар ж-а уюмдар пайда болгон. 1901-ж. Улуттук-респ. партия негизделип, ири буржуазиянын, плантаторлордун ж-а улуттук интеллигенциялардын кызыкчылыктарын көздөгөн. 1920-жылдары алгачкы коммунисттик топтор калыптанып, 1931-ж. Коммунисттик партия (1943-жылдан Элдик авангард партиясы) түзүлгөн.

1940-ж. Улуттук-респ. партиянын лидери – Р. А. Кальдерон Гуардия өлкөнүн президенттигине шайланып, 2-дүйнөлүк согуш мезгилинде СССР м-н дипл. мамилелерди түзгөн (1944). 1941-ж. Коста-рикалык социалдык камсыздандыруу палатасы түзүлүп, 1943-ж. Эмгек кодекси кабыл алынган. Коста-рика коомунун консервативдик күчтөрү Р. А. Кальдерондун жүргүзгөн саясатына каршы чыгышкан. Натыйжада Улуттук-боштондук партиясынын (УБП) лидери Х. Фигерес Феррер куралдуу төңкөрүш жасап, 1948-ж. 8-майда бийликти басып алган. Анын Убактылуу өкмөтү аялдарга ж-а 18ге чыккан жарандарга шайлоого катышууга укук берүү, өлкөнүн аскер күчтөрүн кыскартуу ж. б. өзгөртүүлөрдү киргизүү ж-дө жаңы Конституциянын долбоорун даярдаган. Жаңы Конституция кабыл алынгандан кийин (1949), Улате-и-Бланко президенттикке шайланып, Фигерес Феррер Убактылуу өкмөттүн башчысы кызматынан кеткен. 1953-ж. Фигерес Феррер кайрадан президенттикке шайланып, 1950–60-жылдары АКШ ж-а соц. (Венгрия, Румыния, Чехословакия, Польша, Германия Демокр. Респ. ж. б.) мамлекеттер м-н дипл., соода-экон. ж-а маданий байланыштарды түзө баштаган. Фигерес Феррер өлкөдөгү чет элдик т. ж. компанияларын мамлекеттештирип, АКШ нефть тресттеринин чалгындоолоруна тыюу салган.

1978-ж. консервативдик коалициянын өкүлү Р. Карасо Одио президенттикке шайланган. Анын бийликке келиши м-н өлкөдө экон. кризис, Борб. амер. кофе сатуудан түшкөн киреше төмөндөп, нефтинин дүйнөлүк баасы өскөндүктөн улам региондо саясий туруксуздук байкалган. 1982-жылдары президент Л. А. Монхе Альварестин мезгилинде К.-Р. өкмөтү АКШ м-н экон. байланыштарды түзгөн. 1986-ж. президенттикке шайланган О. Ариас Санчес Никарагуа ж-а Сальвадордогу ички чыр-чатактарды тынчтык жол м-н жөнгө салууга, демокр. кайра түзүүлөрдү ишке ашырууга аракеттенген. 2006-ж. О. Ариас Санчес кайрадан өлкө президенттигине шайланган. 2007-ж. анын өкмөтү социалдык-экон. өнүгүүнүн мамл. планын кабыл алып, адам эркиндигин ж-а укуктарын коргоого багытталган ж. б. иш-чараларды жүргүзөрүн билгизди.

Чарбасы. К.-Р. – Латын Америкасындагы туруктуу ж-а социалдык жактан ийгиликтүү өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн бири. ИДПнин көлөмү 49,73 млрд доллар (2008), аны киши башына бөлүштүргөндө 11,9 миң доллардан туура келет. Адамзат өнүгүүсүнүн индекси жогору (0,846) өлкөлөрдүн катарына кирет (2005; дүйнөдөгү 177 өлкөнүн ичинен 46-орунда, Латын Америкасында Барбадос, Аргентина, Чили, Уругвайдан кийинки 5-орунда). 1980-жылдарга чейин К.-Р-нын чарбасы мурдатан салт болуп калган а. ч. продукциясын (кофе, банан, кант) өндүрүп ж-а экспорттоп келген. 1980-жылдардын башталышынан экономиканы либералдаштыруу, эркин экон. зоналарды түзүү (ЭЭЗ), ө. ж. өндүрүшүн диверсификациялоо, агр., экспорттун структурасын кеңейтүүгө багыт алган. К.-Р-нын ички стабилдүүлүгү, өлкөнүн Түн. ж-а Түш. Американын аралыгында жайгашкан абалы, ЭЭЗдин иштөөсүнө ыңгайлуу шарты, билимдүү, англис тилин билген эмгек ресурстарынын арбындыгы чет элдик инвестициянын арбын түшүүсүнө (2006-ж. 1469 млн доллар) өбөлгө түздү. К.-Р. капиталдык салымдын басымдуу бөлүгүн иштеп чыгаруучу ө. ж-на түз (1996–2005-ж. орто эсеп м-н 68%, Мексикада 48%, Бразилияда 28%) жумшаган: негизинен электрондук татаал технол. өндүрүштүн продукциялары, мед. аспаптар. Капиталдык салымдын азыраак бөлүгү тейлөө чөйрөсүнүн (туризм, кыймылсыз мүлк операциясы, маалымат технологиясы) өнүгүүсүнө багытталат. ИДПнин структурасында тейлөө чөйрөсүнүн үлүшү 61,8%, ө. ж-ныкы 29,4%, а. ч-ныкы 8,8% (2006). Мамл. сектор (энергетика, нефть иштетүү, байланыш, порт башкармалыгы) ИДПнин 10% тен азын гана камсыз кылат.

Ө. ж-нда иштеп чыгуучу тармактын мааниси зор; машина куруу, металл иштетүү, жеңил, химия, тамак-аш, курулуш материалдар ө. ж. тармактары да өнүккөн. Отунга болгон муктаждыкты дээрлик импорт канааттандырат. Бир аз алтын казып алынат (2005-ж. 3007 *кг*); кенташ эмес кендери да бар. 2005-ж. 8,35 млрд *кВт·с* электр энергиясы өндүрүлгөн, анын 7,77 млрды ички керектөөгө жумшалат. Электр энергиясынын 80% ке жакыны ГЭСтен өндүрүлөт (аныкталган жалпы кубаттуулугу 2,1 миң *МВт*). Хе-

нераль д-нда эң ири ГЭС каскады курулган (кубаттуулугу 600 *MBm*). Лимон ш-нда өлкөдөгү жалгыз нефть ажыратуучу з-д (кубаттуулугу 25 миң *барель/сутка*) ж-а анын жанында жалгыз ЖЭС жайгашкан. Венесуэладан алган импорттуку нефть (2,18 млн *т*). Келечекте, 2021-жылдан углеводородду колдонуудан толук алып салуу каралган. Иштеп чыгаруу о. ж-нда 3 өндүрүштүк топ иштейт. Алардын ичинен эң маанилүүсү – ЭЭЗдин чегинде чет өлкөлүк инвесторлор курган ишканалар болуп саналат. ЭЭЗден сырткаркы режимде иштеген ишканалар адатта улуттук жеке капиталга баш ийип, сырткы ж-а ички рынокко продукция (негизинен резина, пластмассадан жасалган буюмдарды, металл буюмдарын, о. эле тамак-аш ж-а жыгач иштетүү продукцияларын) чыгарат. Салттык товарларды (банан, кофе, кант) өндүрүү ж-а экспорттоо чөйрөсүндө чет элдик ж-а улуттук жеке капиталдуу ишканалар иштейт. ЭЭЗде экспорттук продукциянын 52,4% и өндүрүлөт (2007); электрондук продукциянын 90% и, мед. продукциянын 99% тен ашыгы, зер буюмдардын 79% тейи, текстиль, бут кийим, булгаары буюмдардын 55% тен ашыгы, тамак-аш ө. ж. продукцияларынын 45% ке жакыны, хим. товарлардын 35% и. 2006-ж. татаал технол. электрондук продукцияларды (микропроцессор ж-а микросхема, программалык камсыздоону иштеп чыгуу б-ча кызмат көрсөтүү) чыгаруучу өндүрүштөрдө чет өлкөлүк 51 компания, мед. жабдууларды чыгарууда 22 компания иштеген. Өзүнүн токой ресурстарынын базасында фанера, плита, ширенке, эмерек, картон идиштерин ж. б. чыгарат. Цемент ө. ж. ички рынокту камсыз кылууга багытталган. Жеңил ө. ж-нда салт болуп калган кебез-кездеме, жибек, синтез кездемелерин чыгаруу, тери иштетүү м-н бирге, жаңы тармактар – тигүү, трикотаж, бут кийим ишканалары пайда болду. Жеңил ө. ж. момо ширесин, концентраттарды, пюре, кант, бал камыш спиртин, пальма майын, о. эле кофе, күрүч, сүт ж-а этти кайра иштетүүгө адистешкен.

Көп тармактуу а. ч-нын өнүгүүсүнө өлкөнүн жагымдуу агроклиматтык ресурстары ынгайлуу шарт түзөт. А. ч-га жарактуу жери 2,9 млн *га*, анын 2,34 млн *га*сы шалбаа ж-а жайыт, 0,23 млн *га* жери айдоо, 0,33 млн *га*сы көп жылдык өсүмдүктөр; сугат жери 110 миң *га* (2005).

Ананас плантациясы.



Башкы тармагы – өсүмдүк өстүрүүчүлүк (а. ч. продукция наркынын 69,3% и; 2006). К.-Р. эзелтен эле кофе, банан, бал камыш, какао, пахта ж-а тамеки өстүрүүгө адистешкен; 1980-жылдардан баштап экспорттук маа[illegible]кеги агр. продукциянын ассортименти кы[illegible] кеңейди. 2000-жылдардын ортосунан баш[illegible] агр. экспорттун негизин банан (экспорт на[illegible]нын 35% и; экспорттун көлөмү б-ча дүйнө[illegible]орунда), ананас (26%), кофе (13,6%), коон[illegible]4%), гүл (4,3%) түздү; о. эле манго, томат, пи[illegible]кулпунай, апельсин, кокос жаңгагынын ж-[illegible]альма майынын мааниси зор. Эзелтен мал чарбасы өнүккөн (ири чарбасы ранчо деп аталат), күй асыроо тез өнүгүүдө. Агр. продукциянын негизги кардардары: АКШ (наркынын 42,5% и), Европа союзуна кирген (32% и; а. и. Нидерланд, Германия, Бельгия, Улуу Британия, Италия) ж-а Борб. Америкадагы (15% чамасында; Никарагуа, Гватемала, Гондурас, Сальвадор, Панама) өлкөлөр.

Өлкөнүн экономикасынын башкы тармактарынын бири – чет элдик туризм, 1990-жылдардан ылдам өнүгүүдө. 2005-ж. өлкөгө 1,7 млн чет элдиктер келген; туризмден түшкөн киреше 1,6 млрд долларды түздү. Саякатчыларды ж-а туристтерди тейлөөсү Латын Америкасындагы өлкөлөрдүн ичинен эң жогорку деңгээлде. Өлкөдө экотуризмге зор маани берилет. Калыптанган туристтик инфраструктурасы (чакан мейманканалар басымдуу) экол. туристтерди тейлөөгө ыңгайлуу. Чет элдик туристтердин 60% ке чейинкиси улуттук парктарга же табият резерваттарына сөзсүз барат. 2000-жылдардан агротуризм өнүгүүдө. Байланыш системасы өнүккөн; Интернетти 1,214 млн адам (өлкөнүн калкынын 28,9% и) пайдаланат.

Транспортунун негизги түрү – автомобиль. Автомобиль жолунун жалпы уз. 35,3 миң *км*. Негизги автомагистралы – түндүктөн түштүктү карай кеткен Панамерика шоссесинин бир бөлүгү. Т. ж-нун жалпы уз. 700 *км*дей (2007); ал бирдиктүү тармакты түзбөйт. Негизги магистралы Кариб деңизинин жээгин Тынч океан м-н байланыштырат. Нефть продукт өткөргүчүнүн (Лимон – Сикиррес – Турриальба – Эль-Альто – Эль-Гарита – Баранка) уз. 242 *км*. Сырткы соода жүктөрүнүн басымдуу бөлүгүн деңиз аркылуу К.-Р-га таандык бир гана кеме (жүргүнчү, жүктү кошо) ташыйт. Негизги порттору: Кариб деңизинин жээгинде – Лимон (сырткы соода жүгүнүн 90% тейи өтөт), Тынч океандын жээгинде – Кальдера. Эл аралык аэропорттору Сан-Хосе (Хуан-Сантамария) м-н Либерияда (Даниэль Одубер).

Товардык экспорттун наркы 9343 млн доллар, импорттуку 12 954,7 млн доллар (2007). Экспорттун 78% и даяр ө. ж. буюмдары (анын 50% тен ашыгы электрондук техника, 13% ке жакыны мед. багыттагы продукциялар), 22% и агр. продукция. Экспорттук [illegible]сымдуу болүгү АКШга (наркынын 41% и; [illegible]07), Борб. Америкадагы ж-а Кариб деңизинин [illegible]лабындагы (21%), Азиядагы (21%, а. и. Кытай 12% тей) өлкөлөргө, Европа союзуна кирген өлкөлөргө (17%, а. и. Нидерландга 12% тек кашык, Улуу Британияга 6% тен ашык) жөнөтүлөт. К.-Р. сырттан электрондук тетиктер м-н компоненттерди, нефть м-н нефть продуктуларын, металл буюмдарын, тангактоо материалдарын (кагаз, картон), азык-түлүктүн айрым түрлөрүн (а. и. дан эгиндерин – жүгөрү, буудай, чанактуулардан – төө буурчак, соя, мал чарба продукцияларын ж. б.) сатып алат. Негизги импортчулары: АКШ (импорт наркынын 41,2% и; 2006), Венесуэла (5,4%), Мексика (5,2%), Ирландия (5%), Япония (4,9%), Бразилия (4,3%), Кытай (4,1%).

Маданияты. Билим берүү мектепке чейинки, милдеттүү базалык жалпы (баштапкы ж-а орто) ж-а жогорку билим берүүнү камтыйт. Жогорку билимди мамл. ЖОЖдордон алышат. Ил. мекемелери, башкы музейлери, китепканалары Сан-Хоседе. Күн сайын гезиттер чыгат, радиостанциялар, 20дан ашык телестанциялар иштейт.

Ад-ты испан тилинде өнүгүүдө. 18-к. 19-к-дын 1-жарымында ад-т агартуучулук багытта өнүккөн. 19-к-дын 2-жарымында поэзия турмушту сүрөттөөгө көңүл бурса, 20-к-дын башында модернизм (Р. Бренес Месен), реализм (Х. Мерин Каньяс, Кармен Лир) өкүм сүргөн. 20-к-дын ортосунда поэзия социалдык нукта өнүксө (Х. М. Селедон ж. б.), кийин ад-тта психол. Анализге көңүл бурулган. 20-к-дын аягы 21-к-дын башындагы белгилүү акын-жазуучулар И. Ф. Азофейфа, Л. Пикадо, К. Наранью ж. б.

К.-Р. аймагында индей мад-ты Мексика, Панама, Колумбия элдеринин мад-ты эриш-аркак өнүккөн (рельефтүү таш алтарлар, адамдардын ж-а жаныбарлардын сөлөкөттөрү ж-а баштары, аркыл формадагы карапа идиштер ж. б.). Колониял мезгилдеги курулуштар (16–17-к.) кайталанып туруучу жер титирөөлөрдөн жок болуп кеткен. Кудай эне чиркөөсүнүн урандылары гана сакталып калган. Эреди Ла-Иммакулада-Консепсьон базиликасы эрте классицизм м-н барокконун элементтерин айкалыштырып (1797–1804). К.-Р-нын колониялык мезгилде пайда болгон шаарлары Сан-Хосе ж. б. Латын Америкасынын шаар курулушуна типтеш: тик бурчтуу көчөлөр, ачык боёктор м-н сырдалган короолору бар жапыз үйлөр, коомдук имараттар м-н борбордук аянт ансамблдери. Колониялык мезгилде иск-во чыгармалары Гватемала, Мексика, Эквадордон алынып келинген. 19-к-дын 2-жарымында жерг. чеберлер пайда болоштаган: таш м-н иштеген Х. Мора Гонсалес, боёлгон жыгачтан портрет ж-а скульптура жараткан скульптор Ф. Гуттьеррес, живописчи Э. Эчанди Монтеро. Көз карандысыздыктан кийин К.-Р-да классицизм духундагы курулуштар пайда болгон (Улуттук сарай, 1851–56, арх. В. Куртце; кафедралык собор, 1871–1878, арх. Х. Кирс Фильгер; экөө тең Сан-Хоседе). Германиялык арх. П. Эренберг Брикман К.-Р-нын арх-расына «жаңы кыймыл» (Г. Куберонун үйү, 1933) ж-а ар деко («Кино палас» кинотеатры, 1935) принциптерин киргизген, «Шифтер» кеңсе имаратын интернационалдык стилде долбоорлогон (1954, Сан-Хосе). 20–21-к-дагы белгилүү арх. В. Станьо постмодернизм идеялары м-н экол., тропикалык шартка айкалышкан курулуштарды (Гумбольд Коркөм иск-во борбору, 1999, Сан-Хосе; «Holcim» компаниясынын имараты, 2003–04, Алахуэла) долбоорлогон. 19-к-дын аягынан сүрөт иск-восу өнүккөн. 1897-ж. Коркөм сүрөт академиясы (азыркы Коста-Рика ун-тинде коркөм иск-во ф-ти), 1928-ж. «Искусство досторунун ийрими» түзүлгөн. 20-к-дын белгилүү чеберлери живописчи ж-а скульптор М. Хименес, скульптор Ф. Суньига, график Ф. Амигетти чыг-лыгында реализм салттарын экспрессионизмдин элементтери м-н айкалыштырган. Элдик кол өнөрчүлүктө карапачылык, токуучулук, сокмочулук ж-а жыгачка оюу түшүрүү, жазуу өнүккөн.

Индей музыкасы мая ж-а ацтек цивилизациясынан башталат; ырым-жырымдардын элементтери чибча элинин муз. салттарында сакталган. Креоль музыкасы бардык жерде таралган: майрамдарда аскер оркестрлери аткарат, сарсуэл корсотүүлөрүндө, ярмаркаларда, маскараддарда ойнолот, католиктердин диний майрамдарын коштойт (Христостун туулган күнүн майрамдоого вокалдык-аспаптык ансамблдер гитара, скрипка, аккордеон, барабан, бубен ж. б. м-н катышат). Креоль музыкасынын бир кыйла бо-





Коста-Риканын акчасы – колон.

лүгү 20-к-да фольклорчу Э. Прието тарабынан жазылып калган; аны композитор ж-а аткаруучу Л. Саласара кеңири жайылткан. 1845-ж. Сан-Хоседе гватемалалык музыкант Х. Мартинес алгачкы үйлөмө аспаптар оркестрин уюштурган. 1850-жылдан опералар коюла баштаган, 1897-ж. Улуттук опера театры курулган. 19-к-дын аягында атайын окуу жайлары – Улуттук муз. мектеп ж-а Түн. Сессилиядагы муз. мектеп ачылган. 1940-ж. К.-Р-нын Улуттук симф. оркестри уюшулган. 1942-ж. Г. Агиларанын жетекчилигинде Улуттук консерватория түзүлгөн. 20-к-дагы белгилүү композиторлору: Х. Мата, А. Прадо, Р. Уллоа ж-а Р. Санц, Б. Гутьеррес, В. Флорес; кийинки муундагылар – М. Альфагуэль, Л. Д. Херр, В. Поррас, Х. Л. Асеведо.

Ад.: Всё о странах мира. Атлас справочник. С.-П., М., 2006; Страны мира. Справочник. М., 2006; Коста-Рика// Большая Российская энциклопедия. Т. 15. М., 2010; Страны и регионы мира. 3-е изд. М., 2009.

КОСТРОМА́ – Россиядагы шаар. Кострома обл-нун адм. борбору. Волга д-ндагы порт. Калкы 271,7 мин (2008). Т. ж. бекети. Текстиль о. ж-нын (негизинен кебез-кездеме) көөнө борбору. Машина куруу («Мотордеталь», экскаватор, «Текстильмаш» ж. б. з-ддор), жыгаччылык, хим., тамак-аш, курулуш материалдар о. ж. ишканалары иштейт. Үч ЖОЖ, драма театр, тарыхый-арх-ралык музей-корук, корком-өнөр музейи бар. Богоявленский монастырь собору (16-к.), Ипатьевский монастырь ансамбли (16–18-к.), Воскресение чиркөөсү (17-к.), классика стилиндеги ансамбль, соода катарлары (18-к-дын аягы, 19-к-дын башы), орт каланчасы (мунарасы; 19-к-дын аягы), гауптвахта (19-к.) сакталган. Шаар 12-к-да негизделген.



Богоявленский Анастасия кечилканасы. 16–19-к.

Ад.: *Раздумовская И. М.* Кострома. Л., 1996; Кострома. Историческая энциклопедия. Кострома, 2002.

КОСТЮ́ШКО Тадеуш Анжей Бонавентура (4. 2. 1746, Беларуссия, Брест обл., Ивацевич р-ну, Меречёвщизна кыш. – 15. 10. 1817, Швейцария, Золотури, соогу Вавелага коюлган) – польшалык саясий ж-а аскер ишмери. Варшавадагы рыцар мектебин (1769), Париждеги аскер академиясын (1774) бүткөн. 1776-ж. АКШга кетип, Түн. Америкадагы коз карандысыздык үчүн согушка (1775–83) катышкан. Саратоганын алдындагы салгылашта (1777) америкалыктарга жардам берип, Вест-Пойнт форту ж. б. коргонуу курулуштарынын планын иштеп чыккан ж-а жетектеген, бригада генералы (1783) наамын алган. 1784-ж. Польшага кайтып келип, генерал-майор (1789), 1792-ж. орус аскерлерине каршы согушуп, генерал-лейтенант наамын алган. 1794-ж. Польша которулуп, Түн. башталышы ж-дө жарыялап, улуттук куралдуу күчтөрдү жетектеп, Рацлавицанын алдындагы салгылашта орус аскерлерин талкалаган. 1794-ж. 10-октябрда Мацеёвицтин алдындагы салгылашта жарадар болуп, туткунга түшкөн. 1796-ж. орус падышасы Павел I К-ну (аны м-н 12 мин поляк) эркиндикке чыгарган. К. Россияга каршы күрөшпөөгө ант берип, АКШга кеткен. 1798-ж. Парижге кайтып, өмүрүнүн акыркы жылдарын Швейцарияда өткөргөн. К-нун ысмы 1943-ж. СССРдө түзүлгөн Польша аскеринин 1-жөө аскерлер дивизиясына ыйгарылган. Польшада, АКШда К-го эстелик коюлган. Австралиядагы эн бийик тоо К-нун атынан аталган.

КОСТЯКО́В Алексей Николаевич [16(28). 3. 1887, Москва обл., Серпухов – 30. 8. 1957, Москва) – орус илимпозу, мелиорация илимине негиз салуучу. СССР ИАнын корр. мүчөсү (1933), ВАСХНИЛдин академиги (1935). Эки жолку СССР мамл. сыйл. лауреаты (1951, 1952). РСФСРдин илимге эмг. синирген ишмери (1936). Москва а. ч. ин-тун (азыркы В. А. Тимирязев атн. Москва а. ч. академиясы) бүткөн (1912). К. 1912–19-ж. Россияда алгачкы гидромодулдук (тажрыйба-мелиорациялык) изилдөөлөрдү уюштурган. Анын демилгеси м-н Пётр а. ч. академиясы, Москва суу чарба инженердик ин-ту, 1923-ж. Мамл. а. ч. мелиорация ин-туна караштуу мелиорация кафедрасы (1929-жылга чейин башчысы болгон) уюшулган. Мелиорация системасын пландаштыруу, долбоорлоо ж-а куруу ыкмаларын негиздеген, сугат режимин ж-а сугаруу жолдорун иштеп чыккан. Бүткүл союздук гидротех. ж-а мелиорация анализи ин-туна К-дун ысмы берилген (1958). Эки Ленин, үч Эмгек Кызыл Туу ордендери м-н сыйланган.

КОСЦЮ́ШКО (Kosciusko) – Австралия Альп тоолорундагы чоку, Австралиянын эн бийик жери (2230 *м*). Ул. парк (1944-ж. уюшулган, аянты 612 мин *га*). Мөңгүлүү ландшафт, альп ж-а субальп өсүмдүктөрү, эвкалипт токою мүнөздүү. Кышкы спорт оюндарынын борбору. Чоку Т. *Костющконун* урматына аталган.

КОСЫГИН Алексей Николаевич [8(21). 2. 1904, Санкт-Петербург – 18. 12. 1980, Москва, соогу Кремль дубалына коюлган] – сов. мамл. ж-а парт. ишмер, эки жолку Соц. Эмг. Баатыры (1964, 1974). 1935-ж. Ленинграддагы текстиль ин-тун бүткөн. 1924–30-ж. Сибирдик керектөө кооперация системасында, 1935-жылдан А. И. Желябов атн. Ленинград текстиль ф-касында иштеген. 1937–38-ж. Ленинграддагы «Октябрьская» ф-касынын директору. ВКП(б)нын Ленинград обкомунун болүм башчысы, 1938–39-ж. Эмгекчилер депутаттарынын Ленинград шаардык Советинин торагасы. 1939–40-ж. текстиль о.-ж. эл комиссары, 1940–60-ж. СССР ЭКСтин торагасынын орун басары, 1-орунбасары, ошол эле мезгилде 1943–46-ж. РСФСР ЭКСтин торагасы. Улуу Ата Мекендик согушка эвакуация б-ча Советтин торагасынын орун басары, Харьков, Москва ш-ндагы, Москва обл-ндагы ири о. ж. ишканаларын эвакуациялоо б-ча ВКП(б) БК ж-а СССР ЭКСтин, Ленинградда Мамл. коргоо к-нин уполномочени, 1948-ж. СССР финансы министри, 1948–54-ж. СССР о. ж. министри, 1956–57-ж. эл чарбасын пландаштыруу б-ча СССР Министрлер Советинин Мамл. экон. комиссиясынын торагасынын 1-орун басары – министр, 1957–60-ж. СССР Мамл. планынын торагасынын 1-орун басары, торагасы, 1964–80-ж. СССР Министрлер Советинин торагасы болуп иштеген. КПСС БКнын Саясий бюросунун (Президиумдун) мүчөсү (1948–52 ж-а 1960–80; 1946–48, 1952–53 ж-а 1957–60-ж. мүчөлүгүнө кандидат). 1961-ж. деноминацияны ишке ашырууну жетектеген. 1965-ж. өлкөнүн экономикасынын майнаптуулугун жогорулатуу багытында Косыгин реформасын иштеп чыккан. СССРдин тышкы саясатын жүзөгө ашырууда маанилүү роль ойногон. Индия-Пакистан жанжалын жөнгө салууда Ташкент макулдаштыгына (1966, январь) кол коюуга демилгечи болгон. 1969–70-ж. СССР м-н Кытайдын ортосундагы чек ара чыр-чатагын жөнгө салууга комөктөшкөн. Алты Ленин ордени м-н сыйланган. Ысмы Москва текстиль ин-туна (азыркы Москва мамл. текстиль ун-ти), Москванын бир кочосүнө (ал кочодө эстелиги тургузулган), Санкт-Петербургдагы проспектке ыйгарылган.



Ад.: *Гвишиани А. Д.* Феномен Косыгина. Записки внука. Мнения современников. М., 2004; 100 лет со дня рождения Косыгина. М., 2004; *Ваксер А. З.* А. Н. Косыгин // История России: исследования и размышления. М., 2006.

КО́ТА-БА́РУ – Малайзиянын түн.-чыгышындагы порт шаар. Келантан штатынын адм. борбору. Малакка ж. а-нда, Келантан д-нын чатында жайгашкан. Калкы 277,3 мин (2009); чөндугу ж-а калкынын саны б-ча Малайзиядагы 2-шаар. Тактай тилүүчү о. ж. иштейт. Кол өнөрчүлүк өнүккөн.

КО́ТВИЧ Владислав Людвигович (20. 3. 1872, Вилен губерниясы, Оссово кыш. – 3. 10. 1944, Вильжос) – тилчи, орус ж-а поляк чыгыш таануучусу, СССР ИАнын корр. мүчөсү (1923), Польша ИАнын аныкмүчөсү (1925). Польша чыгыш таануучулар коомунун торагасы. Санкт-Петербург ун-тинин Чыгыш тилдер ф-тин бүтүргөн (1895). Ошол эле ун-тте мөңгөл, калмак ж-а манжур тилдери б-ча окутуучу бир эле убакта Россия империясынын финансы министрлигинде кызмат өтөгөн (1903-23). 1920-ж. А. С. Енукидзе атн. чыгыш тилдери ин-тун уюштуруучусу, биринчи ректору (1920–22), 1923-ж. Польшадагы, Львов ун-тинин Ы. Чыгыш филологиясы кафедрасынын проф. болгон 1923-ж. Ал калмак тилинин диалектилерин ж-а говорлорун изилдеген. 1931-жылдан алтай тилдерин салыштырма-тарыхый жактан изилдөөнүн жалпы маселелерине көңүл бурган. Анын «Алтай тилдери боюнча изилдөөлөр» деген китеби 1936-ж. Краковдо, орусча котормосу (1962) Москвада басылып чыккан. Алтай тилдеринин ичиндеги өзара жакындык, типол. окшоштуктар сырткы тарыхый байланыштардын натыйжасында пайда болгон деген пикирди айткан.

КОТ-Д'ИВУА́Р, Кот-д'Ивуар Республикасы – Борб. Африканын батыш бөлүгүндө жайгашкан мамлекет. Түштүгүнөн Атлантика океанынын Гвинея булуңу м-н чулганат (жээк сызыгынын уз. 515 *км*). Түндүгүнөн Мали ж-а Буркина-Фасо, чыгышынан Гана, батышынан Либерия ж-а Гвинея м-н чектешет. Аянты 322,5 мин *км*². Калкы 20,8 млн (2008). Борбору – Ямусукро. Расмий тили – француз тили. Акча бирдиги – КФА франкы. Адм.-айм. жактан 19 облуска бөлүнөт (к. таблицаны).





К.-д'И. – БУУнун (1960), ЭВФтин (1963), Эл аралык өнүгүү ж-а реконструкция банкынын (1963), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун (1995), Африка союзунун (1963; 2002-ж. чейин Африка биримдиги уюму) мүчөсү.

Мамлекеттик түзүлүшү. К.-д'И. – унитардык мамлекет. Конституциясы 2000-ж. 23-июлда кабыл алынган. Башкаруу формасы – президенттик респ. Мамлекет ж-а өкмөт башчысы – президент, 5 жылдык мөөнөткө шайланат (бир жолу кайра шайланууга укуктуу). Президент премьер-министрди, өкмөт мүчөлөрүн дайындайт ж-а Жогорку башкы командачы болуп саналат. Мыйзам чыгаруу бийлигинин жогорку органы – бир палаталуу парламент (Улуттук чогулуш), 5 жылга шайланат. К.-д'И-да көп партиялуу система орун алган. Саясий партиялары: Ивуар элдик фронту, Демокр. партия ж. б.

Административдик-аймактык бөлүнүшү (2008)

Облустары	Аянты, км²	Калкы, мин	Адм. борбору
Агнеби	9,1	706,9	Агбовиль
Бафинг	8,9	195	Туба
Валле-дю-Бандама	28,8	1459,0	Буаке
Денгеле	20,8	300,3	Одиенне
Дизюит-Монтань	16,7	1265,0	Ман
Жогорку Сасандра	15,4	1452,0	Далоа
Занзан	38,1	947,3	Бондуку
Лагюн	13,3	5051,6	Абижан
Лак	8,9	642,9	Ямусукро
Марауэ	8,6	750,0	Буафле
Нзи-Комоэ	19,6	852,1	Димбокро
Ортонку Кавалли	14,2	694,0	Гигло
Ортонку Комоэ	6,9	532,9	Абенгуру
Саван	40,4	1252,9	Корого
Төмөнкү Сасандра	25,8	1910,7	Сан-Педро
Түштүк Бандама	10,8	921,4	Диво
Түштүк Комоэ	7,4	621,4	Гран-Басам
Уородугу	21,9	506,0	Сегела
Формаже	6,9	732,8	Ганьоа

Табияты. Гвинея булунунун жээгинде булуң-буйткалар аз, батыш бөлүгү аскалуу, чыгышы жантайынкы, кумдуу, узатасынан 300 *км*ден ашуун созулган лагуналар тилкеси ээлейт; ал Абижан ш. тушта деңиз м-н канал аркылуу туташат. К.-д'И. Түн. Гвинея дөнсөөсүнүн түш. бөлүгүндө жайгашкан. Аймагынын рельефинде аз тилмеленген, бийикт. 200–500 *м* келген түздүктөр басымдуу. Батыш бөлүгүн цоколдук денудациялык бөксө тоолор ж-а дөнсөөлөр ээлейт. Өлкөнүн аймагынын батыш чет-жакасына Леон-Либерия тоолорунун тармактары (Дан, Тура массивдери) кирип турат. Андагы Нимба тоосу (1752 *м*) – өлкөнүн эң бийик жери. Чыгышындагы денудациялык көтөрүнкү түздүктөрдүн айрым жерлери граниттик калдык тоолор (инзельбергдер) м-н татаалдашкан. Гвинея булунунун жээгиндеги аккумуляция ойдуңуна өтүп, өлкөнүн түштүгүндө босоголор ж-а шаркыратмалар пайда болот. Өлкөнүн аймагы байыркы Африка платформасында жайгашкан. Негизги кен байлыктары: алтын (Ити, Анговия, Субре ж. б. кендери), нефть, күйүүчү табигый газ (шельфтерден ондүрүлөт), о. эле алмаз, марганец, темир, никель, кобальт, ниобий, тантал, боксит, цемент сырьёлору ж. б.

Өлкөнүн түш. бөлүгүнө дайыма нымдуу экватордук климат мүнөздүү. Жээк бөлүгүнө жылына 1800 *мм*ден (Абижан) 2300 ммге чейин (Табу) жаан-чачын жаайт; абанын салыштырмалуу нымдуулугу жыл ичинде 75%тен төмөндөбөйт. Жээктин чыгыш бөлүгүндө жаан-чачын мол жааган 2 (март – июль ж-а октябрь – ноябрь; анда айына 100 *мм*ден ашык жаан-чачын жаайт) ж-а салыштырмалуу кургакчыл 2 (декабрь – февраль ж-а август – сентябрь) мезгил болот. Жаан-чачын эң аз (50 *мм*ден аз) жааган мезгил – январь ж-а февраль. Жээгинин батыш бөлүгүндө салыштырмалуу кургакчыл (айына 50 *мм*ден аз) кыска мезгил – январь – февралда байкалат, ал эми калган айларында (марттан январга чейин) ай сайын 100 *мм*ден ашык түшөт; эң жаанчыл айы – июнь (300 *мм*ден ашык). Эң кысык айларынын (март – август) орт. темп-расы 27–28°С, эң сервүн айлары (август – сентябрь) 24–25°С. Өлкөнүн б[illegible] ж-а түн. бөлүктөрүнө нымдуулуктун сезон б[illegible] өзгөрүүсү байкалган субэкватордук климат м[illegible]здүү. Түздүктөрдө жылына 1100 *мм*дей, өлкөнүн түн.-батышында, Леон-Либерия тоолорунун этектеринде 1300–1500 *мм* (Нимба тоосунун капталдарында 2200 *мм*ге чейин) жаан-чачын жаайт. Жаанчыл мезгил (март – октябрь) 7–8 айга созулат. Эң жаан-чачындуу мезгили – июль – сентябрь, анда айына 150 *мм*ден ашык жаан-чачын жаайт. Абанын орт. темп-расы 23–24°Сден (декабрь – июль) 28–29°Сге (февраль – март) чейин. Өлкөнүн түн.-батышындагы тоолуу аймактардын климаты серүүн (1500 *м* бийиктиктерде жылдык орт. темп-ра 16–19°С). Кургакчыл сезондо өлкөнүн аймагында кургак түн.-чыгыш шамалы – харматан согот. Дарыя тармагы жыш, негизинен Гвинея булунунун алабына кирет. Ири дарыялары: Бандама (уз. 1050 *км*), Комоэ (1160 *км*),



Гвинея булунунун жээги.

Сасандра (650 *км*), Кавалли (700 км). Түндүгүндөгү чакан аймактын дарыялары Нигер д-нын алабына кирет. Дарыяларынын ортонку ж-а төмөнкү агымдары босоголуу болгондуктан, көбүндө кеме каттабайт. Суу сактагычтары бар. Жыл сайын калыбына келип туруучу суу ресурсу 81,14 *км*³, ар бир адамдын суу м-н камсыз болуусу жылына 4853 *м*³.

Өлкөнүн батыш бөлүгүнүн токой зонасында кызыл-сары ж-а кызыл ферралит топурактары басымдуу. Чыгышында кызыл-сары топурактан сырткары чакан аянттарда сары ферралит топурактары кездешет. Жээктердеги аккумуляциялык түздүктордо марш топурактары пайда болгон. Токой-саванналуу зонада ферралит топурактарынын комплекси ж-а феррозём өөрчүгөн.

Өлкөнүн борб. бөлүгүндөгү оёндордо тропиктик кара топурактар таралган. Саванна зонасында феррозём үстөмдүк кылат; мында үболонүүнүн латериттик кыртыш калдыктары (кирастар) кыйла янтты ээлейт. Ири дарыялардын ороондорундо гидроморфтук аллювий топурактуу жерлер да кездешет. Флорасы татаал өсүмдүктөрдүн 3,5 миңдей ашык түрүн камтыйт (анын 100дөн ашык түрү [illegible]өлүү алдында турат, 60тан ашык түрү – эндемиктер). Өлкөнүн түш. аймагында туруктуу [illegible]мдуу дайыма жашыл ж-а жалбырагын чала түшүрүүчү токой басымдуулук кылат. Дайыма жашыл токойлордо чанактуулардын дарак өсүмдүктөрү (паркия, пиптадения, эритрофлеум ж. б.) кенири таралган. Жалбырагын чала түшүрүүчү токойлордо топчу баш, стеркуль, кара жыгач ж-а тыт тукумдарына киргендер көп кездешет. Жалпы эле бул токойлорго баалуу даректар – энтандрофрагма, кайя мүнөздүү. Токой аянты 7,1 млн *га* (2002); чарбалык аракеттерден токой аянттары кичирейүүдө; жылына 7%ке чейин токой кыйылып жок болууда. Түндүктү карай кургачыл сезон узара баштагандыктан, токой токойлуу-саванна м-н алмашат. Түндүктө өлкө аймагынын $^1/_3$ бөлүгүн судан зонасынын накта өскүлөн саванналары ээлейт. Саваннанын дарак өсүмдүктөрүнө чанактуулардын өкүлдөрү – буркея, афзелия, изоберлиния, о. эле комбретум, лофира ж. б. мүнөздүү. Паникум, андропогон, элионурус ж. б. кылкандуу өсүмдүктөр бадалдар м-н кезектешип таралган. Саванна зонасында дарыяларды жээктей галерея токою түндүктү карай терең кирет. Мезгил-мезгили м-н суу каптап турган дарыя жайылмаларында гипаррения басымдуулук кылат. Саванна зонасында кайрак дыйканчылыгы өнүккөн (жүгөрү, шалы, жер жаңгак, пахта), май дарагы (карите), манго ж. б. өстүрүлөт. Түн.-батышындагы тоолорго ландшафттын бийиктик алкактуулугу мүнөздүү: тоо этектерин дайыма жашыл экватор токою, андан жогору 600–1600 *м* бийиктиктерди галерея токойлуу эдафон саваннасы, андан жогору африка-альп өсүмдүктүү бийик тоо шалбаасы, айрым жерлерин реликт бийик тоо токою ээлейт. Өзгөчө жаныбарлар дүйнөсүнө бай. Фаунасы сүт эмүүчүлөрдүн 230 түрүн (анын 19у жоголуу алдында), уялоочу куштардын 250 түрүн (12си жоголуу алдында), сойлоочулардын 125, жерде-сууда жашоочулардын 40ка жакын түрүн камтыйт. Айрыкча маймылдар ото көп ж-а ар түрдүү (приматтардын түрү 10 минден ашык): павиан, анубис, мартышка, колобус, шимпанзе ТКЭСтин Кызыл китебине катталган. Ача туяктуулардын 28 түрү белгилүү: соолдуу донуз, чачы кулак донуз, кибик бегемот (Батыш Африканын эндемиги), түрдүү көндой мүйүздүүлөр ж. б. Жырткычтардын 25 түрү бар, а. и. түрдүү виверралар (генеталар, циветалар), чанда кездешүүчү түрлөрү – кабылан, африка алтын мадылы, көк жал ит ж. б. да жашайт. Кескелдирик, түтүк тиштер да мекендейт. Коргоого алынган аймактарда африка пили, ак керик бар. Дарыяларында крокодил арбын кездешет. Цеце чымыны да кенири таралган.

Коргоого алынган жерлер өлкө аймагынын 17% аянтын ээлейт. Бүткүл дүйнөлүк мурастын тизмесине Комоэ (Батыш Африкадагы ири парктардын бири, аянты 1,15 миң *га*) ж-а Таи (дайыма жашыл нымдуу токойдун адам баласынын таасирине аз дуушарланган аймактардын бири) улуттук парктары, ЮНЕСКОнун биосфералык резерваттарына К.-д'И. м-н Гвинеядагы Мон-Нимба резерваты киргизилген.

Калкы. К.-д'И-дын калкынын көбү нигер-конго тилдеринде сүйлөйт: өлкөнүн түш.-чыгышында ква (31%), түн.-чыгышында – гур (18,2%), түндүгүндө – сенуфо (9,6%), түш.-батышында – кру (8,5%) ж. б., батышында, түн.-батышында ж-а түн.-чыгышында – манде тилдүү (28,7) ж. б. элдер мекендейт. Шаарларында о. эле фульбе, хауса, йоруба, араб, француз, немец, англис ж. б. жашайт. Калктын 40%ке жакыны мусулмансуниттер, 28%тейи христиандар; 30%ке жакыны жерг. салттуу динди тутат. 20-к-дын 2-жарымынан өлкөнүн калкынын саны 5тен ашык эсе өстү; калктын табигый өсүүсүнүн жылдык орт. темпи төмөндөдө. Төрөлүүнүн саны (1000 тургунга 32,7 бала; 2008) өлүм-житимден (11,2 адам) кыйла ашык. Эмгекке жарамдуу курактагылар (15–64 жаштагылар) 56,3%ти, 14 жаштагылар 40,9%ти, 65 ж-а андан чейинки өспүрүмдөр 2,8%ти түзөт. Калктын орт. курагы – 19 жыл. Өмүрдүн күтүлгөн орт. узактыгы – 54,6 жыл (эркектердики 53,9, аялдардыкы 54,4 жыл). Эркектер м-н аялдардын саны дээрлик бирдей. Калктын орт. жыштыгы: 1 *км*² жерге 64,5 адам туура келет (2008; Тропиктик Африкадагы калк эң жыш жайгашкан өлкө). Шаар калкы 50% (2008). Ири шаарлары: Абижан (3900 мин; 2008), Буаке (624,5 мин), Далоа (234,7 мин), Ямусукро (227 мин), Корого (2002,2 мин), Сан-Педро (160,2 мин). Экономикасында 6,9 млн адам, анын 68%тейи а. ч-нда иштейт (2007).

Тарыхы. Дарыя жээктеринен табылган неолиттик мастерскойлор К.-д'И. аймагында таш доорунда эле адам жашагандыгын айгинелейт. Б. з. ч. 3–2-миң жылдыктарда дыйканчылык (саванна ж-а кийин токой зоналарында), б. з. 1-миң жылдыгында темир иштетүү өндүрүшү, карапа идиш жасоо ж. б. кол өнөрчүлүгү өнүгө баштаган. 2-миң жылдыктын башында бул аймактарга түн.-батыштан келген сену фо элдери отурукташкан. Алар негиздеген Конг ш. Батыш Африкадагы соода борбору болгон. 15–16-к-да манде тилинде сүйлөгөн элдер (малинке, дью ла ж. б.) сену фо элин түн.-батышка сүргөн. 18-к-дын башында алгачкы мамлекет пайда бол-

гон. 15-к-дын аягында европалыктар, негизинен португалдар келе баштаган. Алар өлкөдөн кул, алтын ж-а пил сөөгүн (французчадан которгондо Кот-д'Ивуар Пил Сөөктүү Жээк, ПСЖ дегенди билгизет) алып турган. 1637-жылдан француздар келип отурукташып, 1893-ж. ПСЖни өз колониясына айландырган. 1895-ж. Франция Батыш Африкасынын курамына кирген. 1930-жылдардын аягында ПСЖде африкалыктардын профсоюз ж-а коомдук уюмдары пайда болуп, саясий укуктарын талап кылышкан. 1946-ж. октябрда ПСЖ деңиздин ары жагындагы Франция аймагы статусуна ээ болгон. 1946-ж. Демокр. партиясы негизделген. 1958-ж. 28-сентябрда Франция Коомдоштугуна мүчө болгон соң, Д. Ф. Уфуэ-Буаньи жетектеген Демокр. партиядан өкмөт түзүлгөн. 1960-ж. 7-августта К.-д'Ивуар Респ. жарыяланып, Франция Коомдоштугунан чыккан. Ноябрда жаңы Конституция кабыл алынган. 1960-ж. ноябрда Д. Ф. Уфуэ-Буаньи президенттикке шайланган. 1960–80-жылдары өлкөнүн экономикасы өскөн, 1980-жылдарда кофе ж-а какао данына болгон дүйнөлүк баа төмөндөп кеткендиктен, өлкөнүн экономикасы кризиске учураган. Инфляция өсүп, массалык жумушсуздук пайда болуп, элдин жашоо турмушу начарлаган. 1995-ж. президенттикке шайланган Демокр. партиянын өкүлү Э. А. К. Бедьенин учурунда өлкө ичиндеги саясий кырдаал өтө курчуп кеткен. Отставкадагы генерал Р. Гюэй баштаган аскер кызматкерлери мамл. төңкөрүш жасаган, Конституциянын иши токтотулуп, президент бийликтен четтетилген, өкмөт м-н парламент таркатылган, бийлик Коомдук сактап калуу Улуттук к-тине өткөн. 2000-ж. Убактылуу өкмөт түзүлүп, Р. Гюэй респ. президенти ж-а коргоо министри кызматтарына ээ болгон. Жаңы Конституция кабыл алынып, 2000-ж. 1-августта күчүнө кирген. 2000-ж. 22-октябрда Ивуар элдик фронттун лидери Л. К. Гбагбо президенттикке шайланган. Өлкөдө саясий кырдаал тынчыбай, бийлик үчүн козголоңдор болуп турган. 2004-ж. жайында Аккра (Гана) ш-нда 13 африкалык мамлекет башчыларынын саммити өтүп, анда К.-д'И. өкмөтү м-н көтөрүлүшчүлөрдүн ортосунда чыр-чатакты жөнгө салуу б-ча макулдашууларга жетишкен. 2007-ж. мартта Буркино-Фасонун борбору – Уагадугу ш-нда Л. К. Гбагбо м-н ивуар оппозициялык күчтөрүнүн лидери Г. К. Соронун ортосунда сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, өлкөдө Г. К. Соро жетектеген жаңы өткөөл өкмөттүн түзүлүшү (2007-ж. 7-апрель) м-н аяктаган.



Чарбасы. Өлкөнүн экономикасынын негизин а. ч. түзөт. ИДПнин көлөмү 33,1 млрд доллар (2007), аны киши башына бөлүштүргөндө 1,7 миң доллардан туура келет. Адамзат өнүгүүсүнүн индекси 0,432 (2005; дүйнөдөгү 177 өлкөнүн ичинен 166-орунда). ИДПнин реалдуу өнүгүүсү 1,6% (2007). ИДПнин структурасында тейлөө чөйрөсүнүн үлүшү 50%, а. ч-ныкы 28%, ө. ж-ныкы 22%. Ө. ж-нда Гвинея булуңунун шельфинин чыгыш бөлүгүнөн нефть ж-а газ өндүрүүнүн мааниси зор. Өндүрүлгөн нефтинин жалпы көлөмү суткасына 52 миң баррель (2007). Нефть өндүрүүнүн ири кендери: Эспуар (28,1 миң *баррель/сутка*), Баобаб (21,1 миң), Лайон (1,9 миң). Нефтинин 60%ке жакыны экспорттолот ($^2/_3$си Батыш Европа өлкөлөрүнө, негизинен Германияга). 2006-ж. 22 млрд $м^3$ табигый газ өндүрүлгөн, ал өлкө ичинде гана пайдаланылат. Электр энергиясына болгон муктаждыгын өзүнүн отун ресурстары м-н толук камсыз кылат. Электр станцияларынын кубаттуулугу 1,1 миң *МВт* (2005).

2006-ж. 5,3 млрд *кВт·с* электр энергиясы өндүрүлүп, анын 1,1 млрды экспорттолгон. Энергиянын басымдуу бөлүгүн ЖЭСтер табигый газдан иштеп чыгат. Эң [illegible] ЖЭС – Azito (Абижанга жакын; кубаттуу[illegible]гу 288 *МВт*, өндүрүлгөн энергиянын $^1/_3$ин [illegible]рет). Электр энергиясынын $^1/_5$ине жакыны Г[illegible]ерде өндүрүлөт. Абижанда өлкөдөгү жалгыз [illegible]ть ажыратуучу з-д иштейт (кубаттуулугу су[illegible]сына 65 миң *баррель*. Нефть продукцияларын [illegible]али, Буркино-Фасо, Нигер өлкөлөрүнө экспо[illegible]тойт. Алтын (2006-ж. 1,3 *т*, 2002-ж. 3,6 *т*; [illegible]ти, Субре кендери), алмаз (2006-ж. 300 миң *кар*; өлкөнүн түндүгүндө ж-а батышында) казылып алынат. Чакан металлургия ж-а металл иштетүүчү ишканалар (Абижанда болот барак, тунуке, түтүк, зым ж. б. чыгаруучу), автомобиль кураштыруучу, мотоцикл, велосипед, электр-техника буюмдарын чыгаруучу з-ддор (Абижан), көптөгөн хим. ишканалар (лак-сыр, пластмасса, парфюмерия-косметика продукциялары, тиричилик химиясы, жер семирткичтер, пестициддер ж. б.), целлюлоза з-ду, 2 текстиль комбинаты (негизинен кебез кездеме, бир аз синтез кездеме) иштейт. Бир нече чакан булгаары-бут кийим чыгаруучу ишкана, ширеңке ф-касы, кеме куруучу ж-а аны ремонттоочу верф (Абижанда) бар. Жыгач даярдоочу ж-а аны иштетүүчү ө. ж. тармактары тез өнүгүүдө. Курулуш материалдарын (кум, шагыл, акиташ ж. б.) даярдоочу ишканалары бар. Абижанда карапа з-ду иштейт. Тамак-аш ө. ж. (пальма майын, какао майын, какао, консервалан ананас ж-а мөмө-жемиштердин ширеси, балык консервалары) тармагынын мааниси зор. Абижан м-н Сан-Педродо ири ун ж-а нан комбинаттары бар.



Абижан шаарындагы нефть ажыратуу заводу.



Какао жыйноо.

А. ч-нын башкы тармагы – өсүмдүк өстүрүүчүлүк. Өлкөнүн жеринин 10%и (4%тейи турук-туу) иштетилет; анын $^1/_2$ине какао өстүрүлөт. Какао данын даярдоо б-ча К.-д'И. дүйнөдө 1-орунда (2005-ж. 1 млн *т* дан ашык; дүйнөлүк өндүрүштүн 45%тейи; ИДП наркынын 15%и). О. эле кофе (2005-ж. 130,8 миң *т* жашыл даны жыйналган, дүйнөдө 10-орунда), жер жаңгак (72,5 миң *т*), кешью жаңгагы (59 миң *т*; дүйнөдө 7-орунда), ананас (34,8 миң *т*; дүйнөдө 18-орунда), бал камыш (22,8 миң *т*), кокос жаңгагы, авокадо, манго, пахтанын экспорттук мааниси бар. Май пальмасы, гевеянын плантациялары да зор аянттарды ээлейт. К.-д'И. – Африкадагы нукура каучук өндүрүүчү бирден бир өлкө (2005-ж. 72,4 миң *т*; дүйнөдө 8-орунда). Маанилүү азык-түлүк өсүмдүктөрү: ямс, плантейн, күрүч, маниок, жүгөрү. Кой, эчки, уй, чочко асыралат. Балык уулоо тармагы келечектүү.

Автомобиль жолунун уз. 80 миң *км* (2006). Жалгыз т. ж-нун (Абижан –Буркина-Фасонун чек арасы) уз. 660 *км*. Деңиз порттору: Абижан (Батыш Африкадагы эң ири порт; сырткы сооданын 90%тейин камсыз кылат), Сан-Педро (негизинен жыгач, тактай ташыйт). 7 аэропорту бар; эл аралык аэропорт Абижан, Ямусукро, Буаке ш-нда жайгашкан.

Товардык экспортунун наркы 18,5 млрд, импорттуку 6,1 млрд доллар (2007). Экспортунун

Кот-д'Ивуардын акчасы – франк.





товардык структурасында агр. продукция басымдуу, алар: какао даны ж-а какао-продуктулары, кофе, пахта, каучук, пальма майы, мөмөжемиш; экспорт наркынын 25%тейин нефть ж-а нефть продуктулары түзөт. О. эле жыгач, тактай, балык консерваларын да сатат. Негизги кардарлары (2006): Германия, Нигерия, Нидерланд, Франция, АКШ, Буркина-Фасо. К.-д'И. Нигерия, Франция, Кытайдан нефть, нефть продуктуларын, машина ж-а жабдууларды, транспорт каражаттарын, азык-түлүк сатып алат.

Маданияты. Билим берүү системасы 6 жаштан 6 жылдык башталгыч акысыз, милдеттүү окутуу, о. эле 7 жылдык орто (4 жылдык толук эмес, 3 жылдык толук) ж-а жогорку билим берүүнү камтыйт (2009). Мамл. ж-а менчик окуу жайлары (колледж, лицей), Башкы музейлери, китепканалары, ил. мекемелери Абижан, Буаке, Корого ш-нда жайгашкан. Күн сайын өкмөттүк «Fraternite Matin» (1964) «IvoirrSoir» (1987) ж. б. гезиттер, ай сайын өкмөттүк кабарлар журналы (1958), о. эле телекөрсөтүү 1963-жылдан иштейт.

Адабияты француз тилинде өнүгүүдө. 1930-жылдары улуттук драматургия пайда болгон. 1938-ж. уюшулган «Тузем театрында» Б. Б. Дадье, Ф. Ж. Амон д'Аби ж. б. колониялык эзүүнү чагылдырган турмуштук, тарыхый пьесалары коюлган. 1952-ж. ад-т м-н поэзиянын элдик академиясы түзүлгөн. 1962-ж. француз тилинде жазган улуттук жазуучулардын ассоциациясы уюшулган. 1960–70-жылдары баатырдык-тарыхый драма өнүккөн: француз классицизминин таасиринде Э. Дервендин «Саран, же кылмышкер Ханыша», «Тил жана чаян» (экөө тең, 1968), Ш. Нокандын «Чаконун кайгысы» (1968), баул элинин келип чыгышын чагылдырган «Абраа Пок же улуу африканка» (1970) пьесалары жаралган. 1950-жылдары поэзия ж-а проза дүркүрөп өскөн (Б. Б. Дадье, «Африка өнүгүүнүн үстүндө», 1950, «Дүйнө элдери», 1967; Ж. М. Боньини, «Үмүткө каардуу чакырык», 1961). 1970-жылдары поэзияда Африканын өткөн доору романтикалык маанайда чагылдырылган (Б. Заду Заур, А. Канние). Прозанын телчигиши Даьденин чыг-лыгына байланыштуу «Африка легендалары» жыйнагы, «Клембье» романы ж. б.). Учурдун проблемалары чагылдырылган А. Лобдун «Кокумбо – кара студент» (1960), Ш. Нокандын «Карарган таң» (1962), «Катуу шамал» (1966) романдары жарык көргөн. Негритюда багытында М. Кондун «Буакелик өспүрүм» (1963), Ж. Додонун «Уаззи», Т. Демдин «Массени» П. Дю Прейдин «Басылган өрт» (бардыгы – 1977) романдары жаралган. Ж. М. Адьяфинин бабалардын руханий ж-а маданий мурасын унутпоого чакырган «Жеке күбөлүк» (1980) аттуу роман-притчасы жарык көргөн. А. Куруманын чыгармалары («Моннэ, же кордолгондордун айбаты», 1990 ж. б.) жогорку көркөмдүктүн үлгүсү болуп калды.

Өлкөнүн түштүгүндө чатыр[illegible] пальма бутактары менен жабылган тик бур[illegible]йлөрдү курушат, бауле, аньи элдери сүйрү теге[illegible] тарткан үйлөрүн айланта бастырма салыш[illegible] Түн.-батышына конус сымал камыш чатыр[illegible] тегерек үйлөр, чыгышына топурактан согу[illegible]үстү жалпак тик бурчтуу үйлөр мүнөздүү, б[illegible] бөлүгүндө 3–4 бөлмөлүү бурчтарынын кыр[illegible]муруланган тик бурчтуу үйлөр мүнөздүү. Э[illegible]ендик алгандан кийин 1–4 кабат үйлөр, ыл[illegible]йкы кабатында соода борбору ж. б. жайгаш[illegible] көп кабат имараттар курулган: «Нур ал-Хаят» борбору (1960–70-жылдар), Мандагы «Каскад» отели (1969) ж. б. курулуштарда темир-бетон ж-а айнек колдонулат. 1970-жылдарда О. К. Колуб Ямусукро шаарынын башкы планын түзүп, брутализм формасындагы коомдук имараттар комплексин курган: Конгресс ж-а Президент дворецтери, Президент отели ж. б. 1980-жылдарда католик храмдары тургузулган: постмодернизм элементтерин камтыган Ыйык Павел собору (1985), Ямусукродогу Нотр-Дам-Де-Ла-Пэ собору (1986–89). Живопись 1960-жылдардан баштап өнүгүүдө (М. Кодью, Э. Ж. Сантони, Я. Бат ж.б.). Скульпторлордон К Латтье (металл), С. Дого Яо, К. Мурафье (бауле карапа скульптурасы) белгилүү. Жыгачтан буюм жасоо, алтын, коло, жез иштетүү, кездеме токуу өнүккөн.

Муз. мад-ты дан, малинке, бауле, ве, сенуфо элдеринин салттарына негизделген. Муз. билим берүү ж-а салттык музыканы изилдөөнүн борбору – Абижан. Улуттук театр салты гриоттордун иск-восунан башат алат. 1938-ж. У. Понти (Дакар) мектебинин бүтүрүүчүлөрү Абижанда ачкан «Тузем театры» 1953-ж. Мад-т ж-а фольклор ийримине айланып, бүткүл Батыш Африканын маданий турмушунда зор мааниге ээ болгон. Анда турмуштук ж-а тарыхый пьесалар коюлган. 1958-ж. Пил Сөөктүү Жээктин театр коому, 1959-ж. Драма өнөр мектеби (кийин Улуттук иск-во ин-тунун театр мектеби) уюшулган. 1980-2000-жылдарда актёр, режиссёр М. Эниси, 21-к-дын башында актёр, режиссёр С. Бакаба кеңири белгилүү болгон. 1993-жылдан 2 жылда бир жолу эл аралык иск-во фестивалы өткөрүлөт. Өлкөдө фольклорго негизделген бийлерге өзгөчө көңүл бурулат. 1974-ж. Кот-д'Ивуардын улуттук балети түзүлгөн.

Кинонун пайда болушу Т. Басоринин ысымына байланыштуу. 1960-ж. кыска метраждуу фильмдерди, 1969-ж. биринчи улуттук толук метраждуу «Бычак кармаган аял» фильмин тарткан. 1970-жылдарда турмуштук көрүнүштөрдү чагылдырууга көңүл бурулган («Аманье», «Шляпа», Р. М'Бала; «Муэдзиндин кыйкырыгы», Э. Н'Дабиано Водио). 20-к-дын акырында кинематографисттер адеп-ахлак ж-а коом турмушунун

актуалдуу темаларына кайрылышкан. 1974-ж. Кот-д'Ивуардын кесипкөй кино ишмерлеринин ассосияциясы (Кинематографисттердин Панафрика федерациясына кирет) уюшулган. Өлкөнүн фильмдери 1969-ж[illegible]дан Уагадугуда өтүүчү Бүткүл африкалык ф[illegible]тивалга катышат.

Ад.: *Токарева З. [illegible]* Республика Кот-Д'Ивуар. Справочник. М., 1990; [illegible]аны и регионы мира. 3-е изд. М., 2009; Кот-д'И[illegible]р. Республика Кот-д'Ивуар// Большая Российск[illegible]нциклопедия. Т. 15. М., 2010.

КОТИРО́ВКА (ф[illegible]oter – номерлөө, эн салуу) – биржада же ры[illegible]кто чет элдик валютанын, баалуу кагаздын курсун же товардын баасын коюу. К. актив [illegible]рүнө карата валютанын алмаштыруу курсун, баалуу кагаздардын наркын, кредит үчүн процентик үстөгүн, товар же сырьё наркын негиздейт. К. биржаларда атайын котировкалоо комиссиясы катталып, биржа сессиясынын ачылуу-жабылуу нарктары, о. эле күндүн максималдуу ж-а минималдуу наркы аныкталат. К. соодалашуудагы түзүлгөн конъюнктураны, сунуш ж-а талап катышын чагылтат. Валюта рыногунда түз ж-а кыйыр К. болуп айырмаланат. Түз валюта К-сында чет элдик валюта бирдиги улуттук м-н, кыйырында улуттук – чет элдик м-н көрсөтүлөт.

КОТЛЯРЕ́ВСКИЙ Иван Петрович [29. 8(9. 9). 1769, Полтава – 29. 10(10. 11). 1938, ошол эле жер] – украин жазуучусу. Полтавадагы диний семинарияда окуган (1780–89). 6 бөлүмдөн турган «Энеида» поэмасы Украинада бир нече ирет басылган (1798, 1809, 1842). Чыгармаларында украин коомунун бардык катмарынын 18-к-дын аягы – 19-к-дын башындагы жашоо турмушу, салт-санаасы чагылдырылган. К. – «Наталка-Полтавка» (1819-ж. коюлган; Н. В. Лысенконун аты уйкаш операсы) ж-а «Сыйкырчы солдат» пьесаларынын автору. 1952-ж. Полтавада мамл. адабий мемориал музейи ачылган. 1969-ж. туулган күнүнүн 200 жылдыгына карата мемориал комплекси түзүлгөн.

КОТО́ВСКИЙ Григорий Иванович [12 (24). 6. 1881, Бессарабия губерниясы, Ганчешты (азыркы Молдавия, Хынчешть ш. – 6. 8. 1925, Украина, Одесса обл., Овидиополь р-ну, Чебанка кыш.] – сов. аскер жетекчиси. 1900-ж. а. ч. окуу жайын бүткөн. Кедей дыйкандардын талабын коргоп, помещиктерге каршы күрөшкөндүгү үчүн бир нече жолу камакка алынып, сүргүнгө айдалган. 1918-жылдан Одессада большевиктер м-н иштеп, аскердик-диверсиялык иштерди жетектеген. Молдавияда Совет бийлигин орнотууга, 1919-ж. ноябрь айында Петроградды коргошкон. Жарандык согушта атчан аскерлер бригадасынын, дивизиясынын, корпусунун командири болуп, Н. И. Махнонун, С. В. Петлюранын, А. С. Антоновдун куралдуу топторун жоготууга катышкан. К. – УССРдин курамында Молдаван АССРин түзүүчүлөрдүн (1924) бири. К-дин аскердик талантын М. В. Фрунзе жогору баалаган. Сөөгү бальзамдалып, Бирзула ш-нда (азыркы Котовск ш., Одесса обл., Украина) К-дин ысмынан аталган мавзолейге коюлган. Үч жолу Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

Ад.: *Шмерлинг В.* Г. Котовский. М., 1951; *Кузьмин Н. П.* Меч и плуг: Повесть о Г. Котовском. М., 1976; *Ананьев Г. А.* Котовский. М., 1982.

КОТОН ЖАРА – организмдин бардык орган ж-а системасын жабыркатуучу эң оор жугуштуу оору, с и ф л и с и. Венера ооруларына кирет. Аны трепонема микробу пайда кылат. Теринин же былжыр челдин кичине эле жабыркаган жери аркылуу жугуп, ал теридеги майда кан тамырлар м-н бүт денеге тарайт. Инфекция оорулуу кишиден негизинен жыныстык катнашууда жугат. Кээде тиричилик буюмдары (тиш жуугуч щетка, сүлгү, идиш-аяк ж. б.) аркылуу да жугушу ыктымал. Микроб жуккандан 3–4 жума өткөндөн кийин (жашыруун мезгили) козгогуч кирген жерде (жыныс органы, эринде, тилде) алгачкы белгиси – катуу ш а н к р пайда болот. Катуу шанкр – анча чоң эмес, тегерек же сүйрү берч сымал түбү катуу жара. Ал, адатта, кычышпайт, оорубайт, дене темп-расы көтөрүлбөйт. Эгер жыныстык катнашуудан жукса, катуу шанкр жыныс мүчөлөрүнө чыгат. Жыныс мүчөсү шишимик тартат. Аялдын жатын моюнчасына катуу шанкрдын чыкканы билинбей жүрө берип, башкаларга жугуза берет. Катуу шанкр пайда болгондон бир нече күндөн кийин ага жакын лимфа түйүндөрү чоңоё баштайт. Бир канча жумадан кийин катуу шанкр жакшы боло баштайт. Бирок боз трепонема микробу көбөйүп, лимфа ж-а кан тамырлар аркылуу бүт организмге тарайт. Эгер дарылабаса оорунун 1-мезгили 2-мезгилине өтө баштайт. Анда адамдын бүткөн бою салмактанып, сөөк сыздайт, темп-ра көтөрүлөт. Денеге, кол, бутка түрдүү кызгылт бүдүрлөр (розеола) ж-а сары-кызыл түстөгү түйүнчөлөр (папула) пайда болот. Папула эриндин ич жагында, тилде, тамакта ж. б. болуп, дени соо адамдарга коркунуч туудурат. Чач, каш, сакал-мурут түшө баштайт. К. ж-нын бул мезгили бир нече жыл созулуп, бирде айыгып, кайра кайталанып турат. Андан кийин үчүнчү мезгил башталат. Мында ички органдар, нерв ж-а сөөк системалары жабыркайт. Оорулуунун терисинде чоң тоголок түйүн – гумма пайда болот. Гумма жарасы муун, тамак, мурун, боор, жүрөк, өпкө, мээ ж. б. мүчөлөрдү жабыркатып, өмүргө коркунуч туудурат. Эгер гумма мурун сөөгүнө чыкса, мурун кебетеси бузулат. Нерв системасы жабыркаганда, жүлүндүн нерв ткандары бузулуп, омуртка бычак м-н сайгандай ооруйт, заара ушатуу, заңдоо бузулат, көрүү нерви атрофияга учурап, сокур болот. К. ж-ны дарылабаган же туура эмес дарыланган ата-энеден түйүлдүккө жугат, бала жакшы өспөй 5–6 айында бойдон түшөт же ара

төрөлөт, же оорулуу төрөлөт. Тубаса оорулуу баланын сөөктөрү өсүп жетилбей, нерв системасы, көрүүсү, угуусу начар болуп, баланын буту, колунда, жыныс мүчөлөрүндө жара байкалат. Көбү 1 жумада же 1 айда өлүп калат. Алар начар, жай өсөт, соо балдарга караганда акыл-эси кемирээк келет. Дарылоону врач жүргүзөт. Өз убагында үзгүлтүксүз, туура дарылоодон оорулуу айыгып кетет. Алар тери-венерол. ооруканада дарыланат. Тубаса К. ж-нын алдын алуу үчүн кош бойлуулардын каны текшерилет. О. эле аялдар баш аламан жыныстык катнашууга барбашы керек (к. *Венера оорулары*).

КОТОРМО (көркөм) – адабий чыг-лыктын бир түрү; бир тилдеги чыгарманын экинчи тилдин каражаты м-н кайра жаралышы. Бул К-нун негизги түрү. Анын мындан башка сөзмө-сөз (подстрочный), эркин, ил. так котормо сыяктуу түрлөрү бар. К. өнөрүнө тиешелүү тармакты котормочу практиктер ж-а теоретиктер деп ажыратабыз. Практиктер түздөн-түз котормочулук м-н алектенгендер: мис., К. *Тыныстанов*, К. *Баялинов*, У. *Абдукаимов*, А. *Осмонов*, С. *Бектурсунов*, О. *Орозбаев*, С. *Эралиев*, Ч. *Айтматовдор* көркөм К. тажрыйбасына (практикасына) чоң салым кошуп, чебер котормочулар ж-а бул өнөрдүн баштоочулары катары белгилүү. К. тажрыйбасына таянуу аркылуу теор. жоболорду, принциптерди иштеп чыккан теоретиктердин катарына К. Чуковский, М. Рылевский, П. Антокольский, М. Ауэзов, Е. Эткинд, И. Кашкин, Г. Гачечиладзе, Вс. Россельс ж. б. киргизүүгө болот. Кырг-нда К. Жийдеева, Д. Кулбатыров, Ч. Жолдошева ж. б. котормо теориясына кайрылышкан. Көркөм К-нун өзгөчөлүгү жалпы эле К. ичинен алган орду ж-а адабий чыг-лык м-н болгон өтмө катыштыгы аркылуу аныкталат. Көркөм К. тилде коммуникациялык эле эмес, эстетикалык да милдет аткарат. Ушул себептүү көркөм К. маселеси иск-во жаатына кирип, анын мыйзамдарына баш иет. Ал оригиналдуу чыглыктын объектисине – которулуп жаткан чыгармага көз каранды болгондугу м-н айырмаланат. К-го ар кайсы доордо ар кандай мазмун берилип, анын улуттук ад-т м-н карым-катышы ар башка түшүнүлүп келгендиктен, К. тарыхый түшүнүк катары да каралат. Көркөм К-нун тарыхы ар бир өлкөнүн ад-т тарыхынын орг. бөлүгүн түзөт. Ал ж-дөгү байыртан азыркыга чейинки көз караштардын тарыхын салыштырып көргөндө эки түрдүү талаптын бар экени байкалат; бири текстти түп нускага жакындатып которуу, экинчиси – текстти өз окурманына ылайыктап которуу. Бул талаптардын ролу ар кайсы доордо ар башка болгон. Мис., о. кылымда Европада «Библия» ж. б. диний китептер жаңы тилдерге сөзмө сөз которулган болсо, 16–18-к-да К-ну классикалык нормаларга ылайыктоо, кийинчерээк улуттук өзгөчөлүктөргө кызыгуу күч алганына байланыштуу көбүнчө оригиналга жакындатып которуу башкы талапка айланган. Ар тараптуу К-чулук тажрыйбанын жайылышы, тилдилиминин өркүндөшү жогорудагы эки талаптын бири бирине карама-каршы койбой, алардын кыйыштыруу ж-дө туура теор. жыйынтыгы чыгарды. Натыйжада К-нун объектисине кыйыт мамиле жасап, түп нусканын мазмуну м-н формасынын бирдигин, улуттук ж-а жеке өзгөчөлүгүн сактап, аны нукура иск-волук чыгарма катары кайра жаратуу керек деген талап калыптанды. Кыргызда көркөм К. Октябрь рев-ясына чейин эле *«Миң бир түн»*, «Куран», *«Шахнаме»*, *«Кыз Жибек»*, «Көр уулу» сыяктуу чыгармалар ар кайсы тилден оозеки которулуп, элге оозеки таралган. Бирок кыргыз көркөм К-су расмий түрдө 1924-жылдан К. Тыныстановдун «Интернационалды» которушу м-н башталат. Б. Солтоноев Л. Толстойдун «Пил жана бугу» деген аңгемесин ыр түрүндө кыргызчалаган, бирок, ал эч жерде жарыяланган эмес. Алгачкы К-лорду К. *Баялинов*, С. *Карачев*, Х. *Карасаев* ж. б-лар ишке ашырган. Кыргыз көркөм К-сун калыпка салуудагы ж-а өрчүтүүдөгү негизги роль А. *Осмонов*, С. *Бектурсунов*, У. *Абдукаимов*, К. *Эшмамбетов*, М. *Абдукаримов*, О. *Орозбаев*, К. *Саякбаевдерге* таандык. Көркөм К. өнөрү 1934-ж. СССР жазуучуларынын 1-съездине даярдык көрүү мезгилинде ж-а андан кийин бир кыйла жанданган. 1933–38-жылдардын аралыгында Кырг-нда бардыгы болуп 111 китеп чыкса, а. и. 70и котормо болгон. Ал эми кыргыз тилинен орус тилине которуу 1958-ж. кыргыз ад-ты м-н иск-восунун Моксвадагы он күндүгүнө карата ишке ашырылган. СССР учурунда К. маселесине өтө чоң көңүл бурулган. Мис., бир гана 1953-ж. котормо ад-т 44,6%ти түзгөн. 1960-жылдардан тарта көркөм К-нун теориясы м-н практикасын изилдеген эмгектер чыга баштаган. Көркөм К. элдер ортосундагы достукту, кызматташтыкты өнүктүрүүдө маанилүү курал болуп саналат. Ал улуттук мад-т м-н ад-ттын мазмунун ж-а формасын кеңитип, жаңы жанрлар м-н байытат.

Ад.: *Кулбатыров Д.* Көркөм котормодогу чеберчилик маселелери. Ф., 1974; *Жолдошева Ч.* Киргизская проза в русских переводах. Ф., 1977.

КОТОРУШТУРУП ЭГҮҮ – а. ч. өсүмдүктөрүн ил. негизде мезгил-мезгили м-н алмаштырып себүү. К. э. жерди иштетүү, жер семирткичтерди пайдалануу, топурак эрозиясы, зыянкеч, илдет ж. б. м-н күрөшүүгө байланыштуу болот. К. э. топурактын күрдүүлүгүн, өсүмдүктүн түшүмдүүлүгүн арттырууда зор мааниге ээ. Эгилүүчү өсүмдүктүн түрүнө жараша 3 типке бөлүнөт: талаа К. э., тоют өсүмдүктөрүн К. э. ж-а атайын К. э. Т а л а а К. э-дө аянттын көп бөлүгүн дан эгиндери, картөшкө, тех. өсүмдүктөр (күн карама, зыгыр, пахта ж. б.) ээлейт. Т о ю т ө с ү м д ү к т ө р ү н К. э-дө аянттын көпчүлүк бөлүгүнө тоют өсүмдүктөрү эгилет. А т а й ы н К. э-дө өсүмдүктүн бир эле түрү же атайын шарт м-н агротехниканы талап кылуучу өсүмдүктөр (жашылча, тамеки, шакы ж. б.) эгилет. К. э. системасы бир нече жылдо долбоорлонуп, агрон. ж-а экон. жактан жылданат. Ошонун натыйжасында жерг. айма шартына ылайык эгилүүчү өсүмдүктөр аныкталат. К. э-нү иш жүзүнө ийгиликтүү ашырыш үчүн белгиленген агромелиорациялык иштерди өз убагында жүргүзүү, мыкты сорттогу үрөн алууну уюштуруу, агротех. иш чараларды аткаруу зарыл. К. э. системасы а. ч. илими м-н алдынкы тажрыйбанын жетишкендиктеринин негизинде улам жакшыртылып турат. Жыл сайын бир эле аянтка өсүмдүктүн бир эле түрүн эгүү ошол өсүмдүк үчүн зыяндуу отоо чөптөрдүн көбөйүшүнө алып келет, Мис., жазгы дан эгиндерин *кайталап* эгүүдө кара сулу, чирче ж. б. көбөйөт. Ал эми жаздык эгиндерди күздүк эгиндер м-н алмаштырып эгүү мындай отоо чөптөрдүн көбөйүшүнө жол бербейт, эгин аянты таза болот, өзгөчө күн карама, зыгыр, уй бедени кайталап себүүгө болбойт. К. э-дө хим. дары-дармектерди пайдалануу отоо чөптөргө каршы күрөштү женилдетет. К. э. туура жүргүзүлбөсө, зыянкеч м-н илдет козгогучтар да көбөйөт. Мис., күздүк буудайды дайыма бир жерге эгүүдө тамыр чириги, зыгырды эгүүдө фузариоз, картөшкөнү эгүүдө фитофтороз ж. б. көбөйөт. Ошондуктан К. э. ил. жактан негизделген система б-ча жүргүзүлөт.

Ад.: *Воробьев С. А.* Основы полевых севооборотов, М., 1972.

КОТУР – теринин жугуштуу оорусу. Кишинин ж-а жаныбарлардын денесине К. кенесинин киришинен пайда болот. Соо кишиге көбүнчө оорулуудан, кээде айбанаттан жугат. Кене териге киргенден 7–10 күн өткөндөн кийин башталат. Кене теринин жука жерине – салаалардын арасына, кол, буттун бүгүлгөн жука жерине ж. б. кирип, мителик кылат. Териде ыйлаактаган кызгылт бүдүрлөр пайда болуп, түнкүсүн абдан кычышат. Оорулуу тырмана берип, тери тытылып, инфекция түшүп ириңдүү жара пайда болот. К. м-н ооруган киши врачка кайрылып, оорулуу м-н чогуу болгон кишини текшерүү оорунун таралышынын алдын алат. О. эле алдын алууда жеке тазалыкты сактоо чоң мааниге ээ. К. м а л д а – малдын денеси кычышып, териси сезгенет. Малды булганыч, нымдуу, суук, караңгы жайда кармоо, жетишсиз тоюттандыруу саркоптоздун пайда болушуна өбөлгө түзөт. Жаш ж-а көтөрүм мал көп ылаңдайт. Кене малдын терисине (көбүнчө баш, моюн, далы, көчүк, чаткаягында) кирип, четки нервдерди дүүлүктүрүп, кычыштырат. Мал кычышкан жерин кашый берип, жүнү түшөт, териси күдүрөйүп, калыңданып катууланат. Ылаңдуу малдын кунардуулугу кетип, арыктайт, төл жакшы өспөйт. Диагноз дарттын клиникалык белгилеринин ж-а микроскоп м-н изилдөөнүн негизинде коюлат. Дарылоо: койду дарылоодо ж-а таралып кетишин алдын алууда гексахлоранкреолин эмульсиясы (гексалан, ТАП-85), уйду дарылоодо коллоиддүү күкүрттүн 3% түү суспензиясы, 20–25°С темп-радагы К. самынынын 4–6% түү эритмеси куюлган ваннага салынат. 7–10 суткадан кийин дарылоо кайталанат. Малдын К. болгон жерине мурин майы, деготь майы (кара май) сүйкөлөт. Малды дарылоо м-н катар короо-сарай, шайман, атайын кийим дезакаризацияланат.

Ад.: *Сукеев Ш.* Малдын жугуштуу ылаңдары менен күрөшүүнүн чаралары. Ф., 1982.

КОТУР-ТӨР МӨҢГҮСҮ – Ички Теңир-Тоодогу татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Чоң Нарындын оң курамы – Ара-Бел-Суунун алабында. Тескей Ала-Тоонун түш. капталындагы кыска өрөөндүн төрүнөн башталат. Уз. 6,3 *км*, аянты 9,9 *км*². Башы дениз деңг. 4780 *м*, этеги 3830 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4100 *м*, абляциясынын аянты 3,3 *км*². Фирн бассейни Тескей Ала-Тоонун кырынан башталып, эки жагындагы жалпак чокулардагы мөңгүлөрдөн кошумча куралат. Батыш тарабынан *Григорьев мөңгүсү* орун алган. Бетинде ж-а этегинде мореналар жокко эсе. Төмөнүрөөктө аяккы морена жалчасы өрөөндү дого сымал бөгөп жатат. Мөңгүдөн Ара-Бел-Суунун сол куймасы – Котур-Төр башталат.

КО́ФЕ (ар. кахва) – *кофе дарагынын* даны ж-а андан даярдалган сергитүүчү, күчтөндүрүүчү азык. К. даны чийки, куурулган ж-а майдаланып тартылган түрдө пайдаланылат. К-нин курамындагы кофеин адамдын борб. нерв системасына чыйралтуучу ж-а күчтөндүрүүчү таасир тийгизет. Жүрөгү, башы, ичеги-карыны оорулууларга ж-а кан басымы жогоруларга К. ичүүгө болбойт.

КО́ФЕ ДАРАГЫ (Coffea) – мареналар тукумундагы өсүмдүк уруусу. Дайыма жашыл же жалбырагы күбүлмө дарак ж-а бадал. Жалбырагы күңүрт жашыл, туштан чыгып, жыттуу ак гүлү жалбырак колтугунда жайгашат. Мөмөсү кызыл же каралжын кызгылт, ширелүү, мөмө коргону ж-а 2ден уругу (кофе буурчагы же даны деп аталат) болот. Африка м-н Азиянын тропик алкагында 40ка жакын түрү кездешет. Айрым түрлөрүнүн уругунда 0,6–2,7%



кофеин болуп, ал тонусту көтөрүүчү суусундук – *кофе* даярдоо үчүн керектелет. Ысык өлкөлөрдө К. д-ның 4–5 түрү, көбүнчө арабия К. д. (C. arabica L.) өстүрүлөт. Анын мекени – Эфиопия; 14–15-к-да башка континенттерге таралып, 18-к-дан Бразилияда өстүрүлөт. К. д. көбүнчө башка өсүмдүк (кокос пальмасы, банан, цитрус өсүмдүктөрү ж. б.) м-н өстүрүлөт. Жыл бою гүлдөп, мөмөсү быша берет. Ар даректан жылына орт. 1 *кг*дан урук (гектарынан 20 *ц*ге чейин) жыйналат. Өтө ысык өлкөлөрдө Конго д-нын боюнан таралган Конго К. д. же канефора (C. canephora) өстүрүлүп, андан негизинен эриме кофе даярдалат.

КОХ Роберт (11. 12. 1843, Клаусталь, Төмөнкү Саксония – 27. 5. 1910, Баден-Баден) – немис бактериологу, азыркы эпидемиология ж-а бактериологияны негиздөөчүлөрдүн бири. Петербург ИАнын чет элдик мүчөсү (1884). Гёттинген ун-тин бүтүргөн (1866). Вольштейнде сан.-врач (1872–80) болуп иштеп, үй лабор-ясында 1-микробиол. изилдоолорду жүргүзгөн. Берлин ун-тинин проф. ж-а Гигиена ин-тунун (1885–91) ж-а Берлиндеги Жугуштуу оорулар ин-тунун директору (1891–1904), кийин ал ин-тка анын ысмы коюлган. Ал өзүнүн жардамчылары м-н дененден сырткары бактерия культурасын өстүрүп, анын оорунун себепчиси экендигин далилдеген. Негизги ил. иштери жугуштуу оорулардын козгогучтарын – микроорганизмдерди табуу ж-а ага каршы күрөшүү ыкмаларын иштеп чыгууга багытталган. Сибирь жарасынын, туберкулёздун (1882), холеранын (1883) козгогучтарын (1890) тапкан. Бактерия спорасынын оорунун таралышындагы маанисин көрсөткөн, бактериол. изилдөө ыкмаларын иштеп чыккан ж-а дезинфекция жолдорун сунуш кылган. Нобель сыйл. лауреаты (1905).

Ад.: *Яновская М. И.* Р. Кох. М., 1962.

КОХА́НОВ Гений Алексеевич (10. 10. 1928-ж. т., РСФСР, Новосибирь обл., Татар р-ну, Константиновка кыш.) – жумушчу, Соц. Эмг. Баатыры (1971). 1956-жылдан Фрунзе оор электр машина куруу з-дунунда токарь болуп эмгектенген. План тапшырмасын 8-беш жылдыкта 140%, 9-беш жылдыкта 147% аткарган. 1973-ж. Москвада өткөн Тынчтыкты сүйүүчү күчтөрдүн конгрессинин катышуучусу. Ленин, 2 Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.



КОЦЮБИ́НСКИЙ Михаил Михайлович [5 (17). 9. 1864, Винница – 12(25). 4. 1913, Чернигов] – украин жазуучусу. 1890-жылдан балдар үчүн китептер жазган («Харитя», «Кичинекей балаты», экөө тең 1891), дыйкандар м-н жумушчулардын турмушуна арналган социалдык-сынчыл маанайдагы повесттер ж-а аңгемелери чыккан («Ишенимге», 1890; «Өч алды», 1894; ж. б.) 1990-жылдардын башында терең психол. новеллага көп кайрылган, украин прозасынын реформатору катары чыккан: «Fata Morgana» (1–2-бөлүк, 1904–10), «Күлкү» (1906), «Көлдө» (1907), «Аттар күнөөлүү эмес» (1912) ж. б. Жашоо-тиричиликтин көйгөйлөрүн чагылдырган чыгармаларга көп көңүл бурган: «Алмагүлү» (1902), «Жалган дүйнөдө» (1905). Ушул багыттагы чыгармаларында импрессионизмдин таасири сезилет. Гуцулдардын турмушуна арналган «Унутулган бабалардын карааны» повестинде мифологиялык-поэтикалык башат байкалат. Винницада (1927) ж-а Черниговдо (1935) адабий-мемориалдык музейи бар.

КОЧАБА́МБА – Боливиядагы шаар. Кочабамба департаментинин адм. борбору. Калкы 616,9 мин, шаар айланасы м-н 900 мин (2009); калкынын саны б-ча Боливиядагы 3 шаар. Нефть ажыратуу, нефть-хим., текстиль, булгаары, тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт. Ун-т бар. 1574-ж. негизделген.

КОЧКОР – бычылбаган эркек кой. Ал 4–5 айлыгында жетилет. Жетилгенде өзүнчө короого болүнүп, 7–8 жашка чейин куутка кошулат. К. болуучу козуга кочкорок кезинен көз салып, анын породасына, кунардуулугуна, дене түзүлүшүнө ж. б. көңүл бурулат. Калтырылган К. козу кочкор кезинде (1,5 жашында) 50–100 кой куудурулуп, төл б-ча ага баа берилет. Колдон уруктандырууда бир К-дун уругу 200–500 койго жетет. К-дун рационунда протеин, витамин, минерал зат мол болууга тийиш.

КОЧКОР – Чүй д-нын сол курамы. Кочкор р-нунда. Уз. 45 *км*, алабынын аянты 2590 *км*². Чыгыш Каракол м-н Соок сууларынын кошулушунан түзүлөт. Ортоңку ж-а төмөнкү жагында саздуу кенен Кочкор өрөөнү аркылуу агып, нугунун туурасы 20–30 *м*ге жетип, салааларга болүнүп кетет. Коп жылдык орт. чыгымы 12,6 *м*³/*сек*, эң көбү 32,6 *м*³/*сек* (август), эң азы 6,9 *м*³/*сек* (декабрь). Октябрда тартылып, май айында кире баштайт. Ири куймалары: Чыгыш Каракол, Соок, Кызарт, Мыкан, Шамшы ж. б. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Мантыш, Кызыл-Дөбө, Кум-Дөбө, Чолпон, Кочкор ж. б. кыш. жайгашкан.



Өрөөндүн түн.-чыгыш бөлүгү.

КОЧКОР, Кара-Коо – Нарын обл-нун Кочкор р-нундагы кыштак. Райондун ж-а Кочкор айыл округунун борбору. Кочкор суусунун оң өйүзүндө, Бишкек – Торугарт автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1780 *м* бийикте жайгашкан. Балыкчы ж. бекетинен 55 *км*. Калкы 9,9 мин (200 негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, 3 бала бакча, кинотеатр, мад-т үйү, тарыхый-край тааануу музейи, мечит, стадион бар. Турмуш-тиричилик кызматынын болүмдөрү, соода комплекси, ресторан, кафе-бар, тамактануу жайлары, базар иштейт. 19-к-дын 2-жарымында уйгур, өзбек соодагерлери негиздеген. Кийинчерээк орус дыйкандары көчүрүлүп келип, Столыпин деп аташкан. 1916-жылкы үркүндө орустарды жерг. кыргыздар сүрүп чыгарып, аты кайрадан Кара-Коо аталган.



Кыштактын жалпы көрүнүшү.

КОЧКОР – АК-ЖОЛ МЕЗОЛИ́Т ӨНӨРКАНАСЫ – мезолит дооруна (б. з. ч. 8–7 миң жылдыктар) таандык археол. эстелик. Нарын обл-нун Ат-Башы р-нундагы Арпа өрөөнүнүн борб. бөлүгүндөгү Кочкор – Ак-Жол коктусунда жайгашкан. Таштын сыныктары, жалпак таштар, таштын чордону табылган. 1968-ж. Кыргыз археол. экспедициясы (жетекчиси В. А. Ранов) ачкан.

КОЧКОР-АТА – Жалал-Абад обл-ндагы шаар. Ноокен р-нун аймагында. Бабаш-Ата кырка тоосунун түш. этегинде, Бишкек – Ош автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 618 *м* бийикте жайгашкан. Ноокен р-нунун борбору Масы кыш-нан 13 *км* батыш тарапта. Облустун борбору ж-а т. ж. бекети Жалал-Абад ш-нан 56 *км*. Кочкор-Ата нефть ж-а газ кендерин казып алууга байланыштуу 1952-ж. курула баштаган, алгач «Новостройка» деп аталган. 1953–2003-ж. шаарча; 2003-жылдан шаар. Аянты 485 *га*. Калкы 14,8 мин (2009). Шаарда «Кыргызмунайгаз», «Кыргызгеофизика» (нефть-газ кендерин чалгындоо иштерин жүргүзөт), «Кочкор-Ата айыл курулуш», «Керамика» (кыш ж. б. курулуш материалдарын чыгарат) АКлары иштейт. Үч орто мектеп, гимназия, тех. коллеж, кесиптик-тех. окуу жайы, китепкана, мад-т үйү, оорукана, балдар консультациясы, обл. ден соолукту калыбына келтирүүчү оорукана, сквер, спорт комплекси, стадион бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү, чайкана, кафе, ресторан иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КОЧКОР-АТА МИНЕРАЛДУУ СУУСУ – дарылык касиетке ээ суу булагы. Жалал-Абад облнун Ноокен р-нунда, Кочкор-Ата ш-нан 8 *км* түн.-батыш тарапта, Түн. Фергана өрөөнүндө, Кочкор-Ата сайында, деңиз деңг. 2100 *м* бийикте жайгашкан. 1954-ж. табылып, 1961–62-ж. хим. курамы изилденген. Суу палеоген мезгилиндеги чөкмө тектерде топтолгон. Бургулоо көзөнөктөрүнөн чыккан суунун көлөмү суткасына 13,7–1728,0 *м*³, темп-расы 25–49°С, жалпы минералданышы 69,2 *г/л*, курамы хлорид-натрий-кальцийлүү. Сууда кремний к-тасы 37,7 *мг/л*. Орг. заттар көп. Суудан бөлүнгөн газда метан, көмүр кычкыл газы, суутек, көмүр к-тасы, азот бар. Ашказан, муун ооруларына дары.

КОЧКОР-АТА ПОЛИМЕТАЛЛ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Ала-Бука р-нунда, Чаткал кырка тоосунун түш. капталында, Касан суусунун сол куймасы – Кочкор-Атанын ортоңку агымында жайгашкан. 1956-ж. табылган. Кен аймагын таш көмүр мезгилинде жиреп чыккан гранит ж-а гранит-диорит тектери түзөт. Аларды түн.-чыгышка созулган тектон. жарака кесип өтөт. Бул аймакта тоо тектер талкаланып, серициттешип, хлориттешип, өзгөрүүгө учураган. Кенташ тулкулары тектон. жараканы бойлой майда тарамча, уя, линза түрүндө жайгашкан. Калындыгы 1–2 *м*ден 0,5 *м*ге чейин жетип, курамы галенит-сфалериттүү, пирит-арсенопириттүү, гематит-магниттиттүү.

КОЧКОР-АТА ЧОПО КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Ноокен р-нунда, Кочкор-Ата ш-нан 1,0 *км* түн.-батышта, Ош – Бишкек жолуна жакын, деңиз деңг. 500–550 *м* бийикте. 1984-ж. чалгындалган. Калындыгы 5 *м*ден 20 *м*ге жеткен кумайлуу чоподон түзүлгөн. Орт. калындыгы 11 *м*. Кумайлуу чопонун астында кум-шагыл жатат. Кумайлуу чопо «75», «100» маркадагы кыш даярдоого жарамдуу. Запасы А категориясы б-ча 285 миң *м*³; В – 515 миң *м*³; С – 859 миң *м*³.

КОЧКОРБАЕВ Исак (1890, Чүй обл., Ысык-Ата р-ну, Октябрь айылы –1965, ошол эле район, Кенеш айылы) – колхоз өндүрүшүнүн ишмери, Соц. Эмг. Баатыры (1957). Кыргыз ССРинин мал чарбасынын устаты (1953). 1929–57-ж. Ивановка р-нундагы «Кенеш» колхозунун башкармасы болуп иштеген. Анын жетекчилигинде «Ке-





ңеш» колхозу респ-дагы алдыңкы ири чарбалардын бирине айланган. 1954–58-ж. СССР Жогорку Советинин, 1947–55-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Ленин, 2 Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган. Ал жетектеген мурдагы «Кенеш» колхозуна анын ысымы берилген.

КОЧКОР ГНЕЙС КЕНИ Нарын обл-нун Кочкор р-нунда, Балыкчы ш-нан 45 *км* түш.-батыш тарапта, Кара-Коо тоосунун түн. капталындагы Кыргоо сайында. 1972-ж. геол. иштер жүргүзүлгөн. Кен аймагын протерозойдун аягында пайда болгон акиташ, сланец ж-а гнейс тоо тектери түзөт. Жука катмарчалуу, темгилдүү гнейс кооз таш катары курулушка жарактуу. Мындай гнейстер 3 *га* аянтты ээлеп, алардан чыккан блоктордун өлчөмү 0,10×0,2 *см*ден ашпайт. Запасы 300 мин $м^3$. Темгилдүү гнейстердин негизги массасы (60%) кызгылт боз түстө болуп, эллипс, көзчө, линза формасындагы кызгылт, ак темгилдерден турат ж-а 1,5 *га* аянтты ээлейт. Блоктордун орт. өлчөмү 0,2 $м^3$ден ашпайт. Оной кесилип, жакшы сайкалданат. Запасы 125 миң $м^3$. Гнейстерден кооз буюмдарды, дубалдарды кооздоп каптоочу такталарды жасоого болот.

КОЧКОРДОГУ ТҮРК ЭСТЕЛИКТЕРИ о. кылымдагы он ок элинин, түргөштөрдүн, карлуктардын, кыргыздардын мад-тын чагылдырат. 1893-жылдан белгилүү. К. т. э-нин курамына байыркы көрүстөндөр, алардан табылган согуштук куралдар, кооздук буюмдары, тиричилик буюмдарынын үлгүлөрү, балбал таштар, аска бетине тартылган сүрөттөр, иск-во эстеликтери, ташка чегилген рун жазуулары кирет. Ушундай 18 жазуу 1998-, 2000-, 2002-ж. табылган.

КОЧКОР КОРУКЧАСЫ – Кочкор р-нундагы мамл. анчылык корукча (заказник). Кочкор суусунун боюндагы бадалдуу токойду ээлейт. Аянты 2,0 миң *га*. Азайып бараткан кыргоол, коён, чил, кекиликтерди коргоп, көбөйтүү максатында 1977-ж. уюшулган.

КОЧКОР КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ Нарын обл-нун Кочкор р-нунда, Кочкор кыш-нан 14 *км* түш.-батышта, дениз денг. 1845–1877 *м* бийикте. 1984-ж. чалгындалган. Кен аймагы плиоцен – алгачкы төртүнчүлүк мезгилде пайда болгон конгломераттан түзүлгөн. Орт. гранулометриялык курамы: 500–70 *мм* –27%, 70–5 *мм* –53%, 5 *мм*ден майдасы –20%. Кум-шагыл кошулмасы «300» маркадагы бетонду ж-а асфальттык бетонду даярдоого жарамдуу. 1997-жылга карата баланстагы запасы А категориясы б-ча – 712 мин $м^3$, В – 1490 мин $м^3$, С – 2274 мин $м^3$.

КОЧКОРОВА Сарахон (1928-ж. т., Ош обл., Кара-Суу р-ну, Калинин айылы) – пахтачы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы Калинин атн. колхоздо колхозчу (1942), 1946-жылдан звено башчы. 1957-ж. анын звеносу [illegible]танын ар гектарынан 88 [illegible]ден түшүм жыйнап алган. [illegible]51–55-ж. Кыргыз ССР Жог[illegible] Советинин депутаты. Ле[illegible], «Ардак Белгиси» орде[illegible]я м-н сыйланган.

КОЧКОР ӨРӨӨНУ Ички Т[illegible]кр-Тоонун түндүгүндө. Түндүгүнөн Кыргыз [illegible]ла-Тоосу, батышынан Кызарт ж-а Жумгал тоо[illegible]ору, түштүгүнөн Карагатты, Баба-Ата, Үкөк тоолору, чыгышынан Кара-Коо тоосу м-н чектелет. Түн.-чыгышында Орто-Токой суу сактагычы бар. Кочкор р-нунун аймагында. Өрөөндүн уз. 80 *км*, туурасы 20 *км*че. Кендик б-ча жайгашып, трапеция формасында. Таманынын дениз денг. бийикт. 1800–2500 *м*. Рельефи морфол. өзгөчөлүүгө б-ча аккумуляциялык түздүккө, өрөөн ичиндеги, тоо этегиндеги адырларга ж-а тоолорго бөлүнөт. Айланасындагы тоолор өрөөндөн салыштырмалуу 1500–2500 *м* бийикте жатат. К. ө. негизинен палеоген-неоген ж-а төртүнчүлүк мезгилдердин чөкмө тектеринен түзүлгөн. Палеозойдун чулу тоо тектери Ортоктун тоосунда ж-а өрөөнгө кирип турган тоолордун тармагында чыгып жа-



Өрөөнүндөгү эгин талаасы. Арткы планда Кургак-Үкөк тоосу.

тат. Өрөөн – тектон. түзүлүшү б-ча асимметриялуу грабен-мегасинклиналь. Кен байлыктарынан таш туз ж-а курулуш материалдары маанилүү. Климаты континенттик, кургакчыл, июлдун орт. темп-расы 16,3°С, январдыкы –10°С. Батыштан соккон «кызарт» шамалы жыл бою үстөмдүк кылат. Жылдык жаан-чачыны 200–300 *мм*. Кочкор суусунун бою саздуу. Өрөөндүн таманы ачык күңүрт ж-а конур, ал эми тоо капталдарында көбүнчө куба конур топурактуу. Өрөөндө шалбаалуу саздак (өлөң чөп, камыш, кыйгак), жарым чөл ж-а кургак талаа, тоолордо талаа (кара кыяк, бетеге, тарак башы, шыбак), субальп, альп дөңүз сырттуу шалбаа (айгыр жыгар, сары байчечекей, шимүүр ж. б.) өсүмдүктөрү, суу бойлорунда чычырканак, тал өсөт. Чыгышы кургакчыл, жарым чөлдүү (Семиз-Бел, Кара-Ой, Арсы ж. б.), борб. бөлүгү кургак талаа ж-а саздуу түздүк, түндүгү жантайыңкы шиленди-түздүктүү кургак талаа (Конорчок, Кыргоо ж[illegible]б.), түш. жагы адырлуу талаа (Туз, Айгыр[illegible]ал, Ара-Көл), түш.-батыш бөлүгү бетеге тал[illegible]луу өрөөн (Узун-Булак) ж-а түн.-батышы то[illegible]албаалуу-талаалуу өрөөн (Ийри-Суу). Орто[illegible]-н Кыргыз Ала-Тоонун аралыгында морена[illegible] Сарала-Саз-Акбез шалбаалуу талаасы, осу[illegible]үктүү өтө жантайыңкы шиленди түздүк орун[illegible]ган. Өрөөндүн таманы дыйканчылыкка, тоолуу бөлүгү жайыт, өзгөчө кышкы жайыт катары пайдаланылат. Табигый өзгөчөлүгү мал чарбасын өнүктүрүүгө ыңгайлуу. Өрөөндө Ак-Учук, Чолпон, Кең-Суу, Арсы, Кум-Дөбө, Шамшы, Кара-Саз, Тендик ж. б. кыш. ж-а райондун борбору – Кочкор кыш. бар. К. ө. аркылуу Бишкек – Торугарт, Балыкчы – Минкуш автомобиль жолдору өтөт.

Ад.: *Исаченко А. Г.* Ландшафтоведение и физико-географическое районирование. М., 1990; Кыргыз жергеси. Ф., 1990; *Подрезов О. А.* Горная метеорология и климатология. Б., 2000.

Д. Шакирбеков, Т. Кулматов.

КОЧКОР РАЙОНУ – Нарын обл-ндагы адм.-аймбирдик. 1930-ж. уюшулган. Түндүгүнөн Чүй, Ысык-Ата, түн.-батышынан ж-а батышынан Жумгал, түштүгүнөн Нарын, чыгышынан ж-а түн.-чыгышынан Тоң р-ндору м-н чектешет. Аянты 6,4 миң $км^2$. Калкы 58,3 мин (2009). Райондун аймагында 11 айыл өкмөтү, 31 кыштак бар. Борбору – Кочкор кыштагы.

Район Ички Тенир-Тоодо жайгашкан. Көп бөлүгүн *Кочкор өрөөну* ээлейт. Жери тоолуу. Түн. тарабында *Кыргыз Ала-Тоосу* (бийикт. 4000 *м*ге чейин), батышында Жумгал, түштүгүндө Соң-Көл, Боор-Албас тоолору, алардын арасында бийик тоолуу Кочкор, Кара-Кужур ж-а Соң-Көл өрөөндөрү жатат. Кен байлыктардан таш туздун, нефелиндүү сиениттин *(Сандык кени)* ж-а табигый курулуш материалдарынын кендери бар. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы –10°С, июлдуку 16,5°С (Кара-Кужурда январдыкы –12°С, июлдуку 16°С). Жылдык жаан-чачыны Кочкор өрөөнүндө 190–200 *мм*, тоолордо ж-а Кара-Кужурда 400–500 *мм*. Ири суулары: Кочкор, Жоон-Арык (куймалары: Сөөк, Каракол, Толок, Кара-Кужур). Ири көлү – Соң-Көл; андан башка бир нече майда көл бар. Райондун аймагында *Орто-Токой суу сактагычы* жайгашкан. Жарым чөлдүү. Кочкор ж-а Кара-Кужур өрөөндөрүнө боз, тоолоруна күрөң топурак мүнөздүү. Өсүмдүктөрдөн чий, шыбак, эрмен, ак кылкан, каз таңдай, буудайык, шимүүр, бетеге, козу кулак, дөңүз сырты, арча ж. б. басымдуу. Өрөөндөрдөгү суу жээктеринде саздуу шалбаа, айрым жерде тал токойлору кездешет. Аймагында Кочкор мамл. зоология заказниги бар (к. *Кочкор өрөөну*, *Кара-Кужур өрөөну*).

Калкы көп улуттуу, негизинен кыргыз (98,0%), о. эле орус, өзбек, дунган, уйгур ж. б. жашайт. Орт. жыштыгы 1 $км^2$ге 8 киши.

Райондо мал чарбасы өнүккөн. Негизги тар-



магы – уяң жүндүү кой асыроо, о. эле эт багытындагы уй чарбасы. Райондо 2002-ж. 265 фермердик, 668 дыйкан, 47 жамааттык чарбалар, Кочкор асыл-тукум кой өстүрүү з-ду, Соң-Көл «Асыл мал» з-ду, «Теңдик» үрончүлүк, «Соң-Көл балыгы» чарбалары иштеген. «Агрохим» АК 1980-ж. а. ч. бирикмеси катары түзүлүп (1995-жылдан АК), дыйкан чарбаларына жер айдоо, эгин себүү, жыйноо, жер семирткич чачуу ж. б. кызматтарды көрсөтөт. Райондо 172767 кой, эчки, 24871 уй (а. и. сааны 15,6 мин), 16573 жылкы болгон. А. ч-га жарактуу жери 480,6 миң *га*, а. и. 29,7 миң *га*сы айдоо, 448,2 миң *га*сы жайыт болгон. Дан эгиндери 15 миң *га*, тоют өсүмдүктөрү 11,7 миң *га*, картошко 2500 *га*, жашылча 450 *га*. «Чоң-Туз» туз шахтасы, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, тамак-аш, о. ж. соода, ж. б. ишканалары бар. Райондун аймагы аркылуу Бишкек – Балыкчы – Нарын, Балыкчы – Кочкор – Чаек – Мин-Куш автомобиль жолдору өтөт.

Райондо № 15-кесиптик лицей (700 окуучу, 77 инженер-пед. кадр), 29 жалпы билим берүүчү (а. и. 27 орто, 2 башталгыч) мектепте 13 313 окуучу билим алып, 1120 мугалим эмгектенген. Он беш мектепте компьютер класстары, 6 мектепте 5 гимназия, 1 лицей класстары, 6 бала бакча (анда 265 бала тарбияланат) бар. Спорт (536 окуучу), муз., жатак, менчик мектептер, 28 китепкана, 11 мад-т үйү, 9 клуб, борб. ра-



Көк-Сай, № 2-жазуу.

йондук, 5 участкалык ооруканa, 9 диспансер, 17 ФАП, санитария-эпидемиол. станция, 14 үйбүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт (2001). Райондук «Эмгек Туусу» гезити чыгат. Кочкор кышында тарыхый-жер таануу музейи бар. Райондун аймагында *Кочкор шаар чалдыбары*, Туура-Суу коргону ж-а оймо-чиймелери, Алтын-Булак аска бетиндеги сүрөттөр сакталган.

КОЧКОР РУН ЖАЗУУЛАРЫ Кочкор өрөөнүнүн Кара-Суу, Көк-Сай, Бөйрөк-Булак, Төө-Карын, Көк-Бука деген жерлерден табылган. Айрым жазуулардын уз. 3 *мг*е, тамгалардын бийикт. 35 *смг*е жетет. Кээ бир жазуулар ташка сүрөттөр м-н кошо чегилген. Ар бир көломдүү жазууну уруулук тамга коштойт. 1998–2002-ж. археолог-дор К. Табалдиев, О. Солтобаевдин экспедициясы тапкан. С. Г. *Кляшторныйдын* пикири б-ча К. о. р. ж. Талас жазууларына окшош. Кочкор жазуулары – түргөш элинин жазма мад-тынын үлгүсү.

КОЧКОР ТУЗ КЕНИ, Чоң-Туз кени Нарын обл-нун Кочкор р-нунда, Кочкор кыш-нан 24–30 *км* түш.-батыш тарапта, Мокан өрөөнүндө, деңиз денг. 2100–2241 *м* бийикте жайгашкан. Жерг. эл илгертен пайдаланган. 1955–56 ж-а 1981–83-ж. геол. чалгындоо жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен аймагын мезозойдо пайда болгон алевролит, чопо, мергел, травелит, гипс, таш туз чөгүндүлөрү түзөт. Тектоникалык катмардын калыңдыгы 300–350 *м*, уз. 2–3 *км*, курамы: глауберит, галит, тенардит. Калыңдыгы 0,1–40 *м*, уз. 30 *м*ден 300 *м*ге жеткен линза түрүндөгү 17 кабатчадан турат. Глауберит так, майда кристаллдуу, боз, агыш боз, жашыл сымал боз, чополуу. Галит ак, майда кристаллдуу, тунук. Жалпысынан чопонун арасындагы туз (50–70%). хемоген чөгүндүсүнөн пайда болгон. Запасы C_1 категориясы б-ча 2185 миң *т*, C_2 – 1583 миң *т*. 1996-жылга карата запасы C_1 категориясы б-ча 2182 миң *т*, C_2 – 1583 миң *т*. Нарын, Ысык-Көл, Чүй обл-нын чарбалары 1959-жылдан бери пайдаланат. Хим. сырьё катары колдонсо да болот. Медицинада бронх астмасын дарылоодо жер алдындагы өткөөлдөрү пайдаланылат.

КОЧКОР ЧОПО КЕНИ Нарын обл-нун Кочкор р-нунда, Көк-Жар кыш-нан 4 *км* түш.-батыш тарапта, деңиз денг. 1840 *м* бийикте жайгашкан. 1955-ж. геол. чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен Үкөк суусун бойлой жайгашып, антропогендеги аллювий чөгүндүсүнөн пайда болгон кумайлуу чоподон турат. Арасында линза сымал кумшагыл кездешет. Кумайлуу чопо катмарынын калыңдыгы 4,5–4,9 *м*. Гранулометрлик курамы: 0,001 *мм* – 7,4%, 0,001–0,005 *мм* – 26,78%, 0,005–0,001 *мм* – 18,96%, 0,01–0,05 *мм* – 34,6%, 0,05–0,25 *мм* – 7,31%, 0,25–1,0 *мм* – 1,28%, 1 *мм*ден кесеги – 1%ке чейин. Ийилгичтиги 8,7–15,4%. Ным сиңиримдүүлүгү 16,6–1,78%. «100» маркасындагы кыш ж-а черепица алууга болот. Запасы А категориясы б-ча 358 миң $м^3$. 1996-жылга карата запасы А категориясы б-ча 277 миң $м^3$.

КОЧКОР ШААР КАЛДЫГЫ – 10–12-к-дагы Караханиддер дооруна таандык шаар калдыгы. Каракол суусунун сол жээгинде жайгашкан. 1940-ж. А. Н. Бернштам изилдеген. Шаар Кочкор-Ата мазарынан 4 *км* алыс жайгашып, туурасы 400 *м*, уз. 870 *м* олчомүндөгү тик бурчтук аянтты ээлеп жаткан. К. ш. к-нан Караханиддер дооруна таандык жонокой чопо ж-а сырдалган карапа идиштердин сыныктары табылган. Түш.-батыш урандысын бойлой *Кырк-Чоронун кумбозу* деп аталган 18-к-га таандык эстеликтер орун алган. Соңку мезгилдеги изилдөөлөр К. ш. к. 10–12-к-да өкүм сүргөн Кочнар-Башы ш-нын орду экендиги Абу Саид Гардизинин «Зайн ал-ахбар» ж-а Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ит-түрк» эмгектериндеги маалыматтар б-ча ырасталган, к. *Кочкор-Башы*.



Ат жабдыктын күмүш жасалгалары. Кочкор өрөөнү. XII–XIII кк.

КОЧҢАР-БАШИ, Кочкор-Башы – Кочкор өрөөнүндөгү 10–12-к-га таандык шаар. Шаар аркылуу *Караханиддер* кагандыгынын аймагындагы байыркы Жибек жолунун бир айрыгы өткөн. К.-Б. тууралуу алгачкы маалыматтар Абу Саид *Гардизинин* 1050–52-ж. фарсы тилинде жазылган «Зайн ал-ах-бар» («Кабарларды көркөм сүрөттөө») чыгармасында кездешет. Караханиддер династиясынан Мавераннахрды алгач каратып алган Буура хан Харун Мусанын, Баласагундан Кашкарга кайтып баратып, 992-ж. К.-Б-да өлгөндүгү айтылат. Мындан кийинки К.-Б-га тиешелүү маалыматтар *Махмуд Кашгаринин* «Дивану лугат-ит-түрк» («Түрк тилдеринин түшүндүрмө сөздүгү») эмгегинде: өзүнчө бир шаар ж-а К.-Б. м-н Баласагундун ортосунда *Занби-Арт* деген ашуу бар экени айтылат. В. В. *Бартольд* Занби-Артты азыркы Шамшы ашуусу м-н салыштырып, К.-Б-ни Чүй суусунун жогорку агымындагы Кочкор р-нундагы о. кылымга тиешелүү шаардын урандысы деп божомолдогон. Кийинки изилдөөлөрдө о. кылымдагы К.-Б-нин жайгашкан ордун Кочкор шаар калдыгы м-н байланыштырышууда. (Кум-Дөбө айылынын аймагындагы Төрткүл шаар-часы). 2011-ж. казуу иштери жүргүзүлүп, бул жерден таш кетмендер, жаргылчак, Караханиддер мезгилине таандык дубал калдыгы, кемеге, малдын сөөктөрү, карапа идиштер, тыйын, суу түтүктөрү, жүгөндүн тогоолору ж. б. темир ж-а коло буюмдар табылган. Карапа идиштер көп түрдүүлүгү м-н айырмаланат. Маданий катмарынын терендиги 4 *м*ге чейин. К.-Б. Баласагундан анча алыс эмес жерде жайгашкандыктан, Караханиддер мамлекетиндеги соода-экон. катнашты өнүктүрүүнү камсыз кылган. К.-Б. аркылуу өтүү Караханиддердин Кашкар тараптан келаткан соода кервендери өткөн Баласагунга түшө калуунун эң кыска жолу болгон.

Ад.: *Бартольд В. В.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1996; *Чоротегин Т. К.* Махмуд Кашгари (Барскани) жана анын «Дивану лугати ит-түрк» сөз жыйнагы (1072–1077). Б., 1997; *Бернштам А. Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана (в 2-х томах). Б., 1998; *Асанов Т. И.* Кочкор-Башы– Караханий түрктөрдүн байыркы шаары// Коомдук илимдер журналы. Б., 2002.

Т. Асанов.

КОЧУБАЕВ Тойчу Тагаевич (1922, Ош обл., Араван р-ну, Чек-Абад кыш. – 1981, ошол эле жер) – а. ч. өндүрүш ишмери, Соц. Эмг. Баатыры (1966). Кыргыз ССРинин дыйканчылыкка эмг. сиң. устаты (1958). Ош обл-нун Араван р-нундагы Жданов атн. колхоздун башкармасы (1951–73). Ал башкарган колхоз облуста алдынкы чарбалардын бири болуп, 1200 *га* пахтанын ар гектарынан 36 цден түшүм жыйнап алган. 1-беш жылдыкта мамлекетке пландан ашык 4708 *т* пахта сатылган. Ошол эле мезгилде эт сатуу 107, сүт 106 ж-а жүн 100%ке аткарылган. 1974-жылдан «Жаңы-Жол» колхозунун башкармасы. 1979-жылдан колхоздор аралык тоют өндүрүү бирикмесинин директору болуп иштеген. 1966–74-ж. СССР Жогорку Советинин, 1963–67-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Ленин, Октябрь Революциясы, 2 Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.



КОШАКОВА Манзура Жаныбековна (1958, Ош обл., Араван р-ну, Кызыл Октябрь айылы – 2002, Ош) – техника илимд. доктору (1999), проф. (2001). Ташкент текстиль ж-а женил о. ж. ин-тунун (ТТЖӨИ) механика ф-тин (1980), аспирантурасын (1984), ОшТУнун докторантурасын (1998) бүтүргөн. Оштогу токуу цехинде масстер, ТТЖӨИнин Анжиян филиалында кенже ил. кызматкер, ассистент, доцент, кафедра башчысы; ОшТУда доцент, декан, ил. иштер б-ча проректор. Текстиль материалынын технологиясы б-ча адис. 70тен ашык ил. эмгектин автору.

Эмг.: Автоматизированный контроль трепального процесса текстильного производства. Барнаул, 1991; Изучение структуры разнокомпонентной пряжки с разными свойствами волокон. Б., 1998; Модель динамики нити при кольцепрядении. ОшТУ, 2001; Результаты экспериментальных исследований волокнистых отходов текстильного производства. ОшТУ, 2001.

КОШ-АЛМУРУТ – Жалал-Абад обл-нун Бука р-нундагы кыштак. Т. Балтагулов атн. айыл округуна караштуу. Деңиз денг. 1075 *м*

бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ала-Бука кыш-нан 10 *км* түш. тарапта. Наманган т. ж. бекетинен 60 *км*. Кыштак 1919-ж. негизделген. Калкы 1654 (2007); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, мончо бар. Тегирмен, май жуаздар иштейт.

КОШ АЯКТАР (Dipodidae) – сүт эмүүчүлөрдүн кемирүүчүлөр түркүмүндөгү тукуму. Дене уз. 5 *см*ден 26 *см*ге, куйругунун уз. 7–30 *см*ге жетет. Жүнү кыска, жыш, ак, кара, күрөн, боз түстө. Эркек ургаачысы окшош. Көбүнүн арткы буттары алдынкысынан 3–4 эсе узун. Башы, көзү чоң, кулагы узун. Эки буту м-н чуркап, секирип жүрүүгө (3 *м* аралыкка секирет) ыңгайланган. 10–15 урууга кирген 27–30 түрү Евразия, Түн. Африка ж-а Түн. Американын талаа, чөл, жарым чөлдөрүндө таралган. КМШ өлкөлөрүндө 9–10 уруунун 17 түрү, Кырг-ида 4 түрү бар. К. а. жалгыздап, терең ийинде жашайт. Күүгүмдө ж-а түнкүсүн азыгын издейт. Жылына 1–2 жолу 2–8ди тууйт. Өсүмдүк данын, бакча өсүмдүктөрүн ж. б. жеп, зыян келтирет.



КОШ БИЙЛИК – Февраль бурж.-демокр. рев-ясынан (1917) кийин Россияда бири-бирине карама-каршы эки бийликтин өзгөчө шартта катар жашашы (1917-ж. 1–2-март – 5-июль); бурж. Убактылуу өкмөт м-н пролетариат ж-а дыйкандардын рев-ячыл демокр. диктатурасы – Жумушчу, солдат ж-а дыйкан депутаттары советтеринин бийлиги. Рев-ячыл масса Петроградда ж-а жер-жерлерде Жумушчу ж-а солдат депутаттарынын советтерин уюштурган. Ошол эле убакта ири буржуазия м-н помещиктер Мамл. думанын убактылуу аткомун түзгөн. Советтер куралданган калкка таянып, бийликти өз колуна алууга тийиш эле. Бирок Советтерде эсерлер м-н меньшевиктер көпчүлүк кылгандыктан, ал жүзөгө ашкан эмес. Петроград советинин аткомундагы эсер, меньшевик жетекчилер Мамл. думанын убактылуу к-ти м-н көпчүлүгү кадет, октябристтерден турган Убактылуу өкмөт түзүүгө макулдашкан. Өлкөнүн борборундагы бийлик Петроград совети м-н Убактылуу өкмөттүн комиссарларынын ж-а коомдук уюмдардын к-ттеринде болгон. К. б-теги ич ара келишпестик аны узакка жашаткан жок. Большевиктердин «Бардык бийлик Советтерге» урааны К. б-ти жоюуга чакырып, бүткүл бийликти тынчтык жол м-н эмгекчилерге берилишин талап кылган. Меньшевиктер м-н эсерлер 1917-ж. июль күндөрүндө ачык эле контррев-ячыл тарапка өтүшкөн. 9(22)-июлда Жумушчу ж-а солдат депутаттар советтеринин БАКы ж-а Дыйкан депутаттар советтеринин бүткүл россиялык аткому Убактылуу өкмөттүн чексиз укуктуулугун кубатташкан. Өлкөдөгү бардык бийлик ээ болгон Убактылуу өкмөт контррев-ячыл диктатураны орноткондо К. б. жоюлган. Жумушчулар бийликке 1917-ж. 24–25-октябрдан (6–7-ноябрь) куралдуу көтөрүлүш м-н жетк[illegible]

Ад.: *Минц И. И.* История Вел[illegible]го Октября. Т. 1–2, М., 1967–68.

КОШ БОЙЛУУЛУК – аял организминде уруктанган энелик клеткасынын (түйүлдүктүн) өөрчүшү м-н мүнөздөлгөн физиол. процесс. Ал орто эсеп м-н 40 жума же 280 күнгө созулат. Энелик клетка жатын түтүгүндө уруктанып, жатынды карай жылат. Ал назик түкчөлөр м-н капталган көп клеткалуу түйүлдүккө айланат. Түкчөлөрү м-н жатындын былжыр челине жабышат. Түйүлдүк бекиген жерде түкчөлөр жыш өсүп, алардан киндик аркылуу түйүлдүк м-н туташкан баланын тону пайда болот. Түйүлдүк киндик кан тамырлары б-ча энеден азык зат, кычкылтек алып, зат алмашуу продуктуларын чыгарып турат. Жатын түтүгүнүн ар кандай ооруларында уруктанган энелик клетка жылбай, жатын түтүгүнө жабышып калышы мүмкүн (к. *Жатындан тышкары бойго бүтүү*). Кош бойлуу аялдын борб. нерв системасында өзгөрүүлөр жүрүп, ошондон улам жатын булчуңун бошондотуучу жүлүндүн козголгучтугу төмөндөп, жатынды тынч абалга келтирет. Ал кезде жаңы ичке секреция бездери пайда болуп, алар К. б-ка жардам берүүчү гормон иштеп чыгарат. Баланын тону чыгарган гормон эмчек безинин чоңоюшуна таасир этет. Жатын бир кыйла чоңоёт, баланын тонуна кан жеткирүүчү кан тамырлар көбөйүп, дем алуу тереңдейт, жүрөктүн жыйрылышы күчөп, маанилүү органдарга, жатынга канды тез-тез жеткирет. Бөйрөк иши, газ алмашуу күчөйт, кан тамырлар кеңейет. Кош бойлуу аялдын организминдеги органдар м-н системалардын иштешин камсыздоо ж-а түйүлдүктүн өөрчүшүнө жагымдуу шарт түзүү үчүн азык зат м-н кычкылтек көбүрөөк талап кылынат. К. б-тун алгачкы жумаларында аялдын ден соолугу ж-а жүрүм-туруму түйүлдүктүн андан ары өөрчүшү ж-а болочок баланын ден соолугу үчүн чоң мааниге ээ. Түрдүү ооруларга (*грипп, туберкулёз, кызыл жүгүрүк, ангина, кант диабети, аз кандуулук, боор, бөйрөк*, жүрөк-кантамыр системасынын жабыркашы ж. б.) чалдыгуу, туура эмес тамактануу, тамеки тартуу, ичкилик ичүү К. б-ка ж-а түйүлдүккө чоң зыян келтирет.

«КОШ-БУЛАК» – жоопкерчилиги чектелген коом (1996). Ишкана өндүрүштүк ишмердигин 1996-ж. баштаган. Ал айнек ө. ж. үчүн негизги сырьё болгон кварц кумун казып алуучу ж-а иштетүүчү ишкана болуп саналат. Заманбап жабдуулар ж-а техника м-н жабдылган материалдык-тех. базасы бар. Ишкананын продукциясын негизинен Майлуу-Суу электр лампа з-ду керектейт.

КОШ-ДӨБӨ – Ош обл-нун Ноокат р-нундагы кыштак. Т. Кулат [illegible]тн. айыл округуна караштуу. Дениз деңг. [illegible]0 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору [illegible]окат ш-нан 45 *км* батыш тарапта. Кызыл-К[illegible] т. ж. бекетинен 17 *км*. Калкы 1219 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана бар.

КОШ-ДӨБӨ – Чүй обл-нун Москва р-нундагы кыштак. Беловодский айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 700 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Беловодский кыш-нан 3 *км* түн. тарапта. Беловодский т. ж. бекетинен 6 *км*. Калкы 1394 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП, дарыкана бар.

КОШ-ДӨБӨ (1936-ж. чейин Мына-Келди) – Нарын обл-нун Ак-Талаа р-нундагы кыштак. Кош-Дөбө айыл округуна караштуу. Нарын – Макмал автомобиль жолунун боюнда, дениз деңг. 2125 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Баетов кыш-нан 86 *км* түш.-батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 386 *км*. Кыштак 1929-ж. орношкон. Калкы 3109 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, бала бакча, оорукана, поликлиника, дарыкана бар. Соода түйүндөрү иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КОШИ́ Огюстен Луи (21. 8. 1789, Париж – 23. 5. 1857, Со) – фр. математик, Париж ИАнын мүчөсү (1816). Париж политех. (1807) ж-а көпүрө жол мектебин (1810) бүтүргөн. 1810–13-ж. Шербурда инженер, 1816–30-ж. Политех. мектепте, де Франс коллежинде, 1848-ж. Париж ун-тинде сабак берген. К-нин эмгектери математиканын ж-а матем. физиканын түрдүү тармактарына тиешелүү. Ал комплекстик өзгөрмөлүү анализдик функциянын интеграл түрүндө туюнтулушун, функциянын катарга ажыроосун, вычеттер теориясынын системаларын өнүктүргөн. *Дифференциалдык теңдемелер, серпилгичтик теориясы* б-ча да изилдөө жүргүзгөн. Оптика б-ча Френель теориясы ж-а дисперсия теориясынын матем. чыгарылышын тапкан. О. эле К-ге *геометрия, сандар теориясы, алгебра* ж. б. илимдер б-ча изилдөөлөр таандык.

КОШИ́ ИНТЕГРАЛЫ, $\frac{1}{2\pi i}\int\limits_{\gamma}\frac{f(t)}{t-z}\,dt$ түрүндөгү интеграл. Мында γ – комплекстик тегиздиктеги түздөлүүчү туюк ийри сызык жана $f(t)$ чөңдугу комплекстик өзгөрмө t нын γ ийри сызыгындагы анализдик функциясы. 1831-ж. О. Коши изилдеген бул интеграл анализдик функциялардын теориясында чоң роль ойнойт. Эгерде комплекстүү Z чекити r нын ичинде жайгашкан болсо, анда К. и. γ облусунда анализдик $f(Z)$ функциясына барабар (Коши интегралдык формуласы). Ал эми Z чекити γ нын ичинде жатпаса, анда ал интеграл нөлгө барабар. Эгер $f(t)$ функциясынын γ контурундагы чекиттерде гана берилген үзгүлтүксүз функция болсо, анда жогорудагы туюнтма Коши интегралы деп аталат. Мындай интегралды жана интегралдык формулаларды сов. математиктер Ю. В. Сохоцкий, Ю. Г. Привалов, В. В. Голубев, И. И. Правалов, Н. И. Мусхелишвили ж. б. изилдешкен.

КОШИ́ МАСЕЛЕСИ – дифференциалдык теңдемелер теориясынын негизги маселелеринин бири. $y^n=f[x, y, y^1, \ldots, y^{(n-1)}]$ (1) теңдеме үчүн К. м. төмөнкүчө коюлат: (1) теңдеменин бардык $y=y(x)$ чыгарылыштарынын арасынан x өзгөрмө чөндугу x_0 маанини алганда $y(x_0)=y_0$, $y^1(x_0)=y_1, \ldots y^{n-1}(x_0)=y_{n-1}$ (2) баштапкы шартты канааттандыра турганын табуу керек. К. м-н айрым туундулуу дифференциалдык теңдемелер үчүн да коюуга болот. Теңдемеге ж-а баштапкы шартка кирген функциялар анализдик функциал болгондо, К. м-нин чыгарылышы бар ж-а жалгыз гана болорун О. *Коши* далилдеген (1842).

КОШИ́-РИМАН ТЕҢДЕМЕЛЕРИ, анализдик функциялар теориясында, $z=x+iy$ комплекстүү өзгөрмөлүү $w=u+iv$ аналитикалык функциянын чыныгы ж-а жалган (мнимый) бөлүктөрүн байланыштыруучу 1-тартиптеги айрым туундулуу дифференциалдык теңдемелери: $\frac{\partial u}{\partial x}=\frac{\partial v}{\partial y}, \frac{\partial u}{\partial y}=-\frac{\partial v}{\partial x}$. Бул теңдемелер анализдик функциялар теор-сында ж-а анын механика, физикадагы колдонууларында негизги мааниге ээ. Анализдик функциянын чыныгы, же жалган бөлүктөрүнүн бирөө берилсе, экинчисин анын эки айрым туундусу б-ча турактуу кошулуучуга чейинки тактыкта аныктап алууга болот. К.-Р. т-н алгач О. Коши м-н Б. Римандан мурда Ж. Д'Аламбер жана Л. Эйлер изилдеген.

КОШИ́ ТЕОРЕМАСЫ – анализдик функцияны даражалуу катарга ажыратуу ж-дөгү теорема. $f(z)$ функциясы G облусунда бир маанилүү ж-а анализдик функция z_0 чекити G облусунда эркин алынган чекит, r – радиусу z_0 чекитинен G облусунун чегине чейинки аралык болсун. Анда жыйналуучу радиус го барабар болгон $|z-z_0|<r$ тегеректе $f(z)=\sum\limits_{n=0}^{\infty}a_n(Z-Z_0)^n$ шартты канаатандыруучу $\sum\limits_{n=0}^{\infty}a_n(Z-Z_0)^n$ даражалуу катар бар болот. Бул катар z_0 чекитинде $f(z)$ функциясы үчүн *Тейлор катары* делет. Бул теореманы О. *Коши* (1831) далилдеген.

КО́ШИЦЕ – Словакиядагы шаар. Словак Кенташтуу тоолорунун этегинде жайгашкан. Калкы 245,2 мин (2006); калкынын саны б-ча Словакиядагы 2-шаар. Жолдор тоому. Металлургия комбинаты, оор машина куруу, магнезит иштетүүчү, тамак-аш, жыгаччылык ө. ж. ишканалары иштейт. Ун-т бар. Готика стилиндеги собор (14–15-к.), 14–18-к-дагы арх-ралык эстеликтер сакталган.

КОШ КАНАТТУУЛАР (Diptera) – курт-кумурскалар классынын түркүмү. Өтө бат кобөйүүчү жандык. Алдынкы канаты жакшы өөрчүгөндүктөн, К. к. деп аталат. Ал эми арткы жуп канаты өзгөрүлүп, колба сымал мүчөгө айланган. Канатсыз, өтө майда топторунун сезүү мүчөлөрү жок. Башы тегерек, татаал, чоң, жуп көзү жайгашкан. Оозу сайып соруурга же жалоого ылайыкталган. Көкүрөк муунактары бири-бири м-н биригип өскөн. Курсак бөлүгү 4–10 сегменттен туруп, ургаачысынын эң арткы сегменти жумуртка тууй турган бөлүккө, эркегиники ко-



Кош канаттуулар: 1 – көгүш капачы; 2 – гүл дууддак чымыны; 3 – төрт чийиндүү чоң баш; 4 – кадимки кыкчы чымын; 5 – тарпчы-цезарь; 6 – каардуу ежемуха; 7 – карын көгөөнү.

пулятивдик аппаратка айланган. Бул түркүм 2 түркүмчөгө (узун муруттуулар же чиркейлер, кыска муруттуулар же чымындар) бөлүнөт. Азыр 150дөн ашкан тукуму, 100 миңден ашык түрү кездешет. Алар өтө кенири тарап, жакшы учат. Негизинен осүмдүк нектары, чаңчасы, кээ бири башка курт-кумурскалар м-н азыктанып, жырткыч. Омурткалуу жаныбардын канын соруп жашоочулары да бар. Булар толук кубулуп өөрчүү жолу м-н көбөйүшөт. Личинкасы топуракта, сууда, чириген осүмдүк калдыктарында, осүмдүктө, жаныбарда ж-а тарпта өөрчүйт. Куурчакчасы жалган кокондо жашайт. Кээ бир түрү (үй чымыны, желимчилер, чиркейлер ж. б.) жугуштуу ооруларды таркатат. Көгөн ж. б. жаныбарларга зыяны тийгизет. Личинкасы а. ч. осүмдүктөрүнүн зыянкечтери, о. эле а. ч. жаныбарына ж-а адамга мителери да бар. Айрым К. к. осүмдүктү чаңдаштырат, топуракты курамын байытат ж-а а. ч. осүмдүктөрүнүн зыянкечтерин жегени м-н пайдалуу.

Ад.: *Нарчук Э. П.* Определитель семейств двукрылых насекомых фауны России и сопредельных стран. СПб., 2003.

КОШ КАПКАЛУУ МОЛЛЮСКАЛАР (Bivalvia) – омурткасыз жаныбарлардын моллюскалар тибинин классы. Уз. бир нече ммден 1,5 *мге*, салмагы 30 *кгга* чейин жетет. Башы жок, оозунда эки жуп калакчасы бар. Сырынында туюк өсүндү болуп, ичиндеги кр[illegible]калл бутакчасы



[illegible] капкалуу моллюсканын жумшак денесинин түзүлүшү: 1 – алдынкы жана арткы бириктиргич булчун; 2 – карын; 3 – азык синирүүчү без; 4 – перикард капчыгы; 5 – бөйрөк; 6 – чыгаргыч сифон; 7 – киргизгич сифон; 8 – бакалоор; 9 – мантиясынын он калагы; 10 – ичеги; 11 – жыныс бези; 12 – ооз калакчалары; 13 – буту.

азык синирүүгө жардамдашат ж-а анаэроб шартында жашаган моллюскаларды кычкылтек м-н камсыздайт. Жүрөгү үч камералуу, кан айлануусу туюк эмес, бөйрөгү экоо, нерв системасы 3 жуп ганглийден турат. Сезүү органдары начар өнүккөн. Денесинин сырткы эки капталы капка (раковина) м-н капталган. Капкалардын курсак жак четтери ачылып, жабылат, жон жагы бири бирине тиш-тиш болуп ашташкан. Капканын ички бети седеп заты м-н жылмаланып, жалтырап турат. Моллюсканын денесинин сыртынан жаап турган мантиясы (кементайы) бар. Кээ бир түрлөрү бермет пайда кылат. Деңизде ж-а тузсуз сууларда топуракка комүлүп, кээси бош же субстратка бекип жашайт. Суунун түбүндөгү детрит, планктондор м-н азыктанат. Булар дүйнөлүк океандарда кенири тараган. 14 түркүмү, 130 тукуму, 1000дей уруусу, 20 миңдей түрү бар. КМШнын деңиздеринде ж-а сууларында 400дөй түрү кезигет. К. к. м-дын көпчүлүгү айрым жыныстуу, кээ бири – гермафродиттер. Промыселдик мааниси бар: устрица, мидиялар тамак катары пайдаланылат, айрымдарынан бермет алынат. Көпчүлүгү деңиз түбүндөгү жаныбарларга жем. К. к. м-дын айрымдары жыгачты, ташты тешет, кемелерге, гидротех. курулмаларга зыян келтирет.

КОШ-КАРА-ТАШ – Ат-Башы р-нунун аймагы аркылуу аккан суу, Ак-Сайдын сол куймасы. Уз. 38 *км*, алабынын аянты 256 *км*². Ат-Башы кырка тоосунун түш. капталындагы мөңгүлөрдөн башталат. Жогорку агымында тепши сымал ороон м-н түш. чыгышты карай агып, Ак-Сайга куят. Жылдык орт. чыгымы 0,7–1,1 *м*³/*сек*. Эң көп чыгымы июль – августта, эң азы февраль – мартта байкалат. Апрелден сентябрга чейин кирип, октябрдан мартка чейин тартылат. Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Алабында жалпы аянты 19,8 *км*² келген 10 мөңгү бар.

КОШ КАТАР – чексиз матрицалардын $\|B_{mn}\|(m, n=1, 2 \ldots)$ элементтеринен түзүлгөн

$$B_{11}+\ldots+B_{1n}+\ldots$$
$$B_{21}+\ldots+B_{2n}+\ldots$$
$$\ldots\ldots\ldots\ldots$$
$$B_{m1}+\ldots+B_{mn}+\ldots$$
$$\ldots\ldots\ldots\ldots$$

түрүндөгү туюнтма. Бул элементтер сан (сандык К. к.), бир же бир нече өзгөрмөлүү функция (функционалдык К. к.) ж. б. болушу мүмкүн. К. к. кыскача $\sum_{i=1}^{\infty}\sum_{j=1}^{\infty}a_{ij}$ түрүндө жазылат. К. к. ж-дөгү негизги аныктоолор катар аныктамасына окшош (к. *Катар*). К. к-дын чектелген суммасы $S_{mn}=\sum_{i=1}^{m}\sum_{j=1}^{n}a_{ij}$ айрым сумма, ал эми m ж-а n бири биринен көз карандысыз чексизге умтулгандагы предел $S=\lim_{m,n\to\infty}S_{mn}$. К. к-дын суммасы деп аталат. $G_m=\sum_{j=1}^{\infty}a_{mj}$ жыйналса, $\sum_{i=1}^{\infty}c_n$ катары сап б-ча кайталанма катар деп, ал эми суммасы К. к-дын сап б-ча суммасы деп аталат. Мамыча К. к-дын суммасы болсо, сап ж-а мамыча б-ча суммалары да болот ж-а алар бири бирине барабар.

КОШКОН МАЙ – акталган таруу, кесек тартылган талкан, шекер (кээде бал) аралаштырылган сары май. Карында же моондо узакка сактайт. Талканды бир аз суюга жай кайнатып алып, коломүно жараша май, сүт, шекер кошуп аралаштырып, тондуруп коюу керек. К. м. жылкынын сорпого чыккан майынан да жасалат.

КОШ-КОРГОН – Чүй р-нундагы кыштак. Кош-Коргон айыл округуна караштуу. Кызыл-Суу суусунун боюнда, деңиз деңг. 800 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Токмок ш-нан 18 *км* түш.-чыгыш тарапта. Кыштак 1936-ж. негизделген. Калкы 1546 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КОШКУЧ, м у ф т а – вал, түтүк, болот аркан, кабель ж. б-ларды туруктуу же убактылуу бириктиргич түзүлмө. К. бириктиргич ж-а кыймыл өткөргүч болуп болүнөт. Бириктиргич К. тетиктердин бекем биригишин, жылчыксыз бекишин, коррозиядан сакталышын камсыз кылат. Кыймыл өткөргүч К. октору бири бирине туура келген бир октолгоочтон экинчисине же октолгоочтон ага бош кийгизилген тетикке (шкивге, тиштүү доңголокко) айлануу кыймылын берүү үчүн колдонулат. К-тар эң кичинеден баштап эң чоң (бир нече мин кВт) моменттерди, кубаттуулуктарды берүү үчүн колдонулат. К-тарда моменттерди берүү кыймылсыз бириктирилген кинематикалык жуптар түрүндөгү тетиктердеги мех. байланыштар (геом. байланыштагы К.); сүрүлүү же магнит күчтөрү (күч байланыштагы К.); инерциялык же электромагнит талаасынын индукциялык күчтөрү (динамикалык байланыштагы К.) м-н жүргүзүлөт. Иштөө мүнөзү ж-а негизги милдети б-ча К-тар туруктуу бириктиргич; башкаруу системасы аркылуу валдарды бириктирип ж-а ажыратып туруучу башкарылма; режими өзгөрүлгөндө валдарды бириктирүүнү, ажыратууну автоматтык түрдө аткарган өзүн өзү башкаргыч; машинанын иштөө шарты бузулуп, коркунуч туудурганда валдарды ажыратып жибере турган сактагыч ж-а сыйгаланма болуп болүнөт. Бул К-тар аткаруучу ишине ж-а жасалышына жараша түргө болүнөт.



Кошкуч. Туруктуу бириктиргич муфталар: *а* – бекем толуктабас втулкалуу; *б* – бекем толуктоочу тиштүү муфта; *в* – эки синхрондуу эмес шарнирлүү муфталардын айкалышы; *г* – втулка-урчуктуу; *е* – жапкычтуу муфта. *1*– бириктирилүүчү валдар; *2* – муфтанын втулкасы; *3* – сырткы тиштүү втулка; *4* – ички тиштүү обойма; *5* – жарым муфталар; *6* – орто аралык вал; *7* – орто аралык диск; *8* – ийилчээк кабык; Δ – валдын туурасынан жылышы; δ – валдын бурчтук жылышы.

КОШМОК СӨЗДӨР – эки же андан ашык сөздөн түзүлүп, бир гана аталышты билдирген таал сөздөр. К. с-дүн ар бир курамдык бөлүгү арасына белги коюлбастан, болок жазылат. Мис., бала бакча, таш бака, темир жол, жол башчы, кара жыгач, басма сөз, боз үй ж. б. Ал

эми геогр. энчилүү аттардан түзүлгөн К. с. арасына дефис коюлуп, ар бир сөз баш тамга м-н жазылат. Мис., Тянь-Шань, Жалал-Абад, Майлы-Сай, Базар-Коргон, Көк-Ойрок, Чолпон-Ата ж. б.



КОШОЕВ Өмүрзак (1890, Чүй обл., Кемин р-ну, Кичи-Кемин айылы – 1971, ошол эле жер) – малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1949). Кемин р-нундагы Ильич атн. совхоздун баш чабаны, 1929-жылдан жылкычы. Ал 1948-ж. 50 бээден 50 кулун алып, аман асыраган. Ленин ордени м-н сыйланган.

КОШОЕВ Марат Темирбекович (25. 6. 1961-ж. т., Ош обл., Кара-Суу ш.) – юстициянын генерал-майору (2008), Юстициянын 1-класстагы кеңешчиси (1999). 1983-ж. КМУну бүткөн. 1983–85-ж. Бишкек ш-ндагы 1-Май р-ндук, 1985–88-ж. Бишкек шаардык прокуратураларында тергөөчү, улук тергөөчү, 1988–91-ж. Кыргыз ССРинин прокуратурасында бөлүмдүн прокурору, 1991–93-ж. Чүй обл. прокуратурасында улук прокурор, бөлүмдүн начальниги, 1993–98-ж. КРдин Башкы прокуратурасында бөлүмдүн прокурору, улук прокурору, башкармалыктын начальниги, 1998–2004-ж. Бишкек шаардык, 2004-ж. Аламүдүн р-ндук прокурорунун орун басары, 2004–08-ж. КРдин Президентинин администрациясында бөлүм башчынын орун басары, бөлүм башчысы, КРдин Куралдуу күчтөрүн реформалоо б-ча ведомство аралык комиссиянын мүчөсү, 2008-жылдан КРдин аскер прокурору-башкы прокурордун орун басары.



КОШОЕВ Темирбек (1. 8. 1931, Чүй обл. Кемин р-ну, Кичи-Кемин айылы – 23. 6. 2009, Бишкек) – мамл. ишмер. Токмок токой-чарба мектебин (1950), К. И. Скрябин атн. а. ч. ин-тун (1957) бүтүргөн. 1957–58-ж. Кырг-н КП БКнын а. ч. бөлүмүндө инструктор, 1958–60-ж. партиянын Ош обкомунун 2-секретары, 1960–61-ж. Кара-Суу райаткомунун төрагасы, 1961–62-ж. Кырг-н КП БКнын а. ч. бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1962–63-ж. партиянын Сузак райкомунун 1-секретары, 1963–78-ж. Ош облаткомунун төрагасынын 1-орун басары, төрагасы, 1978–81-ж. партиянын Ош обкомунун 1-секретары, 1981–87-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы, 1987–2006-ж. Жерг. жамааттар конгрессинин вице-президенти, «Децентрализация» программасынын менеджери болуп иштеген. СССР Жогорку Советинин 2, Кыргыз ССР Жогорку Советинин 7 жолку депутаты. 3-даражадагы «Манас», Октябрь революциясы, эки Эмгек Кызыл Ту, «Ардак Белгиси», Эл достугу ордендери ж-а сыйланган.



КОШОЙ (мурдагы Ленин-Жолу Алчалы – Чүй р-нундагы кыштак. С. Ибраимов атн. айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1250 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Токмок ш-нан 19 *км* түш.-батыш тарапта. Кыштак 1935-ж. орношкон. Калкы 1947 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб бар. Үй-бүлөлүк врачтар тобу иштейт.

«КОШОЙ» – ачык акционердик коом (1992). Кант кызылчасын өстүрүүнүн көбөйүшү м-н Ново-Троицк кант з-дун куруу долбоору 1936-ж. СССРдин Тамак-аш өнөр жайы к-ти тарабынан каралган. 1943-ж. кант з-дунун курулушу бүткөрүлүп, кант кызылчасын кабыл алып, алгачкы кант чыгарылган. З-ддун баштапкы кубаттуулугу суткасына 15000 *ц* кант кызылчасын кайра иштетүүгө мүмкүнчүлүгү болгон. З-дду өндүрүш технологиясынын бардык талаптарына жооп берүүчү ж-а адам эмгегин жеңилдетүүчү жабдуулар м-н жабдуунун натыйжасында ишкананын кубаттуулугу суткасына 32000 *ц* кызылчаны кайра иштетүүгө жетип, ал Кыр-ндагы эң ири кант з-дуна айланган. Ишкана 1979-ж. бал камышты кайра иштетүүнү баштап, респ-да кызылча өстүрүү токтогондугуна байланыштуу 1984-ж. толугу м-н бал камышты кайра иштетүүгө өткөн. Ишкананын негизги багыты – кумшекер өндүрүү. 1983-ж. алкоголсуз суусундук чыгаруучу цех курулуп, ишке киргизилген. 2000-жылдан тартып коом кайрадан кант кызылчасынан кант ала баштаган. Реконструкциядан кийин кубаттуулугу суткасына 3000 *т* кызылчаны кайра иштетүүгө жеткен. Эл аралык «Кыргызстан-2004» көргөзмө-ярмаркасынын Алтын медалы м-н сыйланган.

КОШОЙ БИЙ Талкан уулу (болжол м-н 1674–75, туулган жери белгисиз – 1754–55, Кетмен-Төбө өрөөнү, Коңур-Өгүз кыш.) – 18-к-дын 2-жарымындагы солто уруусунун бийи; калмак чапкынынан (к. *Жуңгар хандыгы, Кыргыз-калмак согуштары*) кийин чачылган кыргыздарды Кетмен-Тобого чогултуп, Маматкул бий м-н бирге калмактарга каршы күрөштү жетектеген (к. *Кыргыздардын Чүйгө келиши*). Маматкулга кеңеш берип, 1755-ж. чейин К. б. солто, Каработо бий кытай, Майтык, Эшботолор кушчу уруусун бийлеген. Фольклор, эпостордо айтылгандай Таластагы Үч-Кошой суусу; 1) эртегинин эр Кошой; 2) хан Кошой; 3) Талкандын уулу Кошойлордун атынан айтылып калганы, агасы Коңурбай өлгөндөн кийин К. б. анын балдарын (мис., Жайыл баатырды) тарбиялап, чоңойткону тууралуу маалыматтар калган.

Ад.: *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. 1-том. Б., 1993; Алымбектин анжырасы. Б., 2007.

КОШОЙ-КОРГОН КОРҮСТӨНҮ – 6–10-к-га таандык археол. эстелик Кара-Коюн суусунун сол өйүзүндөгү жайылган тектирде жайгашкан 14 дөбө мүрзөдөн турат. Ушул эле жердеги алгачкы мусулман көрүстөндөрүн археолог К. Табалдиев 1989-ж. изилдеген. Алардын ар биринин жер алдында сөөк көмө турган жайы ар башка ж-а бир канча кишинин сөөгүн бир казанбакка жайгаштырылган өзгөчөлүгү м-н айырмаланган.



Кошой-Коргондон табылган суу түтүгү.

КОШОЙ-КОРГОН ШААР КАЛДЫГЫ – 9–12-к-га таандык шаар калдыгы. Ат-Башы өрөөнүндөгү Кара-Суу айылынын түш.-чыгышында Кара-Коюн суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Жерг. элдин айтымында, бул эстелик «Манас» эпосундагы Кошой баатырдын коргону болгон. Айрым изилдөөчүлөр байыркы Атбаш ш-нын калдыгы деп эсептешет. Эстелик тик бурчтуу түзүлүштөгү чептен туруп, дубал м-н курчалган. Дубалдын каптал жактары түш., түн., чыгыш, батыш багытына дал келип, ылай сокмодон ж-а бышырылган кыштан тургузулган, бийикт. 4–8 *м*, кароол мунаралар орнотулган. Дубал айланта жазылыгы 11–14 *м*, терендиги 3 *м* келген аңдар м-н курчалып, коргондун чыгыш ж-а түш. тарабы 1500 *м* узундуктагы кошумча дубал тосмолор м-н бекемделген. Турак жай ж-а чарбалык мүнөздөгү кол өнөрчүлөрдүн устаканаларынан, бөлмөлөрдөн жез эритүүчү мештер, көөрүк, карапа идиш-аяктар, тыйын, жаргылчак, жаа-жебе, бычак, шурулар, кемер курдун тоголору, чоподон жасалган ар кандай буюм-тайымдар табылган. Шаар калдыгы Ч. Валихановдун, В. В. Бартольддун эмгектеринде эскерилет. А. Н. Бернштам, М. И. Москалёв ж-а М. Н. Фёдоров изилдеген. 2007-ж. Түш.-чыгыш капталына музей ачылган.



Кошой-Коргон.

КОШОК – элдик оозеки чыг-лыктагы *каада-салт ырларынын* бир түрү. Дүйнөдөн өткөн адамдын жакындары – аялы, кызы, карындашы, келини ж. б. тууган-туушкандары К-ту өзгөчө обон м-н ый аралаш айтышкан. Анда каза болгон адамдын кулк-мүнөзү, ишмердиги, адамкерчилиги, башка асыл сапаттары билдирилген, айрым сатиралык мүнөздөгү К-тордо маркумдун терс сапаттары да айтылган. Белгилүү кошокчулар чоң кадыр-баркка ээ болушкан. Аларды атайылап алдырып, коштурушкан. К. Орхон-Енисей жазууларында, Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин түшүндүрмө сөздүгүндө», элдик эпостордо учурайт. К-тун акындар тарабынан чыгарылган мыкты үлгүлөрү да бар (мис., *Тоголок Молдонун* «Дыйкандын аялынын кошогу», «Устанын аялынын кошогу»). Элдик салт б-ча кыз бергенде да кошушкан. К. азыркы учурда прозалык, поэтикалык, драмалык чыгармаларда айрым турмуштук көрүнүштөрдү чагылдыруу, образды айкыныраак ачуу, тексттин мазни-маңызын терендетүү максатында колдонулат (мис., Ч. *Айтматовдун* «Гүлсарат» повестинде, о. эле «Кылым карытар бир күн» романындагы Найман-эне ж-дөгү уламышта ж. б.).

Ад.: *Жигитов С.* Ырлар жана жылдар. Ф., 1972; Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Ф., 1973; Кыргыз адабиятынын тарыхы. Б., 2004.

КОШОНОВ Анарбек Айтышевич (4. 3. 1954-ж. т., азыркы Талас обл., Киров р-ну, Киров кыш.) – генерал-майор (1995). И. С. Конев атн. Алматы жогорку командалык окуу жайын (1975), М. В. Фрунзе атн. Москва аскердик академиясын (1988) бүткөн. 1975–81-ж. Казакстанда мотоаткычтар дивизиясында взвод, рота командири, батальон командиринин орун басары-штаб начальниги, 1981–85-ж. Германия Демокр. Респ-нда мотоаткычтар дивизиясында батальон командиринин орун басары-штаб начальниги, командири, 1988–89-ж. Тажикстанда гвардиялык мотоаткычтар полкунда командирдин орун басары-штаб начальниги, 1989–91-ж. Фрунзе автомобиль сүйүүчүлөр мектебинин начальниги, 1991–92-ж. ДОСААФтын (Армияга, Авиацияга ж-а флотко көмөктөшүүчү ыктыярдуу коом) Ош обл. к-тинин бөлүм на-



чальниги-төраганын орун басары, Советтин төрагасы, 1992–93-ж. КР ИИМдин ички аскеринин полк командири, командачынын орун басары, 1993–94-ж. 1-орун басары-штаб начальниги, 1994–97-ж. бригада командири, 1997–98-ж. КР Коргоо министрлигинде иш башкармалыгынын начальниги, 1998-жылдан КР спорттук-тех. уюмдун борб. коргоо кеңешинин төрагасы, КР Коргоо министрлигинин башкы штабында начальниктин 1-орун басары-оперативдик башкы башкармалыктын начальниги.

КОШ ПРОЦЕ́ССОР (англ. coprocessor – копроцессор) – компьютердин кубаттуулугун чоңойтуучу *микропроцессор*. К. п. белгилүү бир маселени иштетүүнү тездетүү максатында түзүлөт. Матем. К. п. сан амалдарын тез аткарууга көмөктөшөт. Айрым К. п. графиктик маалыматты көрсөтүүнү тездетүүдө, айрымдары байланыш-катышты жүзөгө ашырууда колдонулат.

КОШ СӨЗДӨР – эки же андан ашык сөздөн түзүлүп, бир гана сөз түркүмүнө кирген сөздөр. К. с. ар дайым дефис аркылуу жазылат. Мис., ата-эне, үй-бүлө, ага-тууган, бак-дарак, жакшы-жаман, жоон-ичке, жер-суу, мал-сал, өйдө-ылдый ж. б.

КОШ-ТАШ – Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нундагы кыштак. Кызыл-Өзгөрүш айыл округуна караштуу. Токтогул – Өзгөрүш автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1720 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Токтогул шаарчасынан 69 *км* түш.-чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 146 *км*. Калкы 1 106 (2002); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет.

КОШ-ТЕКТИР КОРУКЧАСЫ – Ала-Бука р-нунун аймагындагы ботан. корукча (заказник). Аянты 30 *га*. Кырг-ндагы сары гүлдүү мандалактардын эң коозу өскөн аймакты коргоо максатында 1975-ж. уюшулган.

КОШ-ТЕРЕК – Жалал-Абад обл-нун Ала-Бука р-нундагы кыштак. Т. Балтагулов атн. айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1170 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ала-Бука кышнан 5 *км* түш. тарапта. Наманган т. ж. бекетинен 56 *км*. Кыштак 1939-ж. орношкон. Калкы 1861 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, ФАП, спорт комплекси бар. Тегирмен, май жуаз иштейт.

КОШТОШУУ ЫРЛАРЫ – элдик оозеки чыглыктагы *каада-салт ырларынын* түрү. Тематикасы жагынан К. ы. ар түрдүү: белгилүү бир шартка ылайык өз жеринен мажбурлап көчүрүлгөндө, өкүмү күчтүү жоодон туулуп-өскөн жерин таштап качканда, элин, жерин коргоо үчүн казатка аттанган жоокерлер, ак жеринен сүргүнгө айдалган акын Т. Сатылгановго («Кош элим», «Кош, апаке») окшогон ырчылар К. ы-н жаратышкан О. эле Улуу Ата мекендик согуш учурунда жоого аттанган кыргыз жоокерлери да К. ы-н жараткан (мис., Ж. Бөкөнбаевдин «Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга» деген ыры ж. б.).

Ад.: *Жигитов С.* Ырлар ж[illegible] жылдар. Ф., 1972; Кыргыз элинин оозеки чыг[illegible]чылык тарыхынын очерки. Ф., 1973; Кыргыз ад[illegible]тынын тарыхы. Б., 2004.

КОШУЛБОО КЫЙМЫЛЫ[illegible] жарыша куралдануугa, «кансыз согушка» [illegible]шы пайда болгон бейтараптык кыймыл. 195[illegible]. 24-апрелде Индонезиянын Бандунг ш-нда [illegible]н конф-яда (Азиянын 23, Африканын 6 ма[illegible]кетинен 340 делегат катышкан) К. к. түзүлгөн. Ага кирген мамлекеттер өздөрүнүн бейтараптуулугун ж-а ар кандай саясий уюм, блокторго кошулбай тургандыктарын жарыялап, согуштук-саясий блокторго кирбөө ж-а антиколониялык, эл аралык куралсыздандыруу ж-а Түн. Африка мамлекеттерине эгемендүүлүк берүү талаптарын койгон. 2006-ж. 116 өлкө К. к-на мүчө болгон. Конф-яларын өткөрүп турат.

Ад.: *Алимов Ю. И.* Неприсоединение: история, теория, проблемы. М., 1990; *Агаев Э., Крылов С.* 116 государств в движении неприсоединения // Международная жизнь. 2006. № 4.

КОШУМЧА – жардам катары бирөөгө берилген каражат же акча. Жаманчылык же жакшылыкта, доого же кунга жыгылганда, аш-тойдо, калың төлөөдө ага-тууган, жек-жаат, соок-тамыр тарабынан К. берилет. Ар ким алына жараша акча, мал, кийим, эгин-тегин, чөп-чар, отун-суу, машина ж. б. айтат. Тууган ичинде колунда жоктордо жаманчылык (өлүм-житим) болсо, туугандар биригип, ортодон мал чыгарып союп, женилин жерден, оорун колдон алат.

КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮ – окуу планынан тышкары билим берүүнүн бир түрү. Кошумча билим алган адам экинчи бир адистикке ээ болот. Кошумча билим өзгөчө адистер жетишпеген учурда өтө зарыл (мис., башталгыч класстын мугалими кошумча психолог кесибине да ээ болушу мүмкүн).

КОШ УРУКТАНУУ – гүлдүү өсүмдүктөргө гана таандык жыныс процессинин бир түрү. Мында өсүмдүктөрдүн түйүлдүк кабындагы энелик клетка м-н борб. ядро бир мезгилде уруктанат. 1898-ж. орус илимпозу Г. С. Навашин ачкан. Урук пайда болушу үчүн гүлдүү өсүмдүктөрдө К. у. жүрөт. Чаңча түтүкчөсүндөгү эки спермийдин бири энелик клетканы, экинчиси түйүлдүк кабынын борб. ядросун уруктандырат. Уруктанган энелик клеткадан – түйүлдүк, ал эми борб. ядродон азык тканы – эндосперм калыптанат. Уруктануугa катышкан клеткалардын ядролору интерфаза абалында болот. К. у. урук бүчүрдүн, уруктун калыптануусун тездетет, о. эле өсүмдүктүн тукум куума касиети жакшырып, тиричиликке, чөйрөгө ылайыкташуусу жогорулайт.

КОШУУ, п л ю с – арифм. негизги амалдардын бири. Кошуунун жыйынтыгы сумма деп аталат.

a ж-а *b* сандарынын суммасы *a* + *b* аркылуу белгиленет. Мында *a* ж-а *b* – кошулуучулар деп аталат. К. амалы каалаган чыныгы сан же комплекстүү сан, о. э[illegible] векторлор ж. б. м-н аткарылат. + белгиси м[illegible] белгиленет, илимге 1489-ж. чех математиги [illegible]дман киргизген. К. амалы төмөнкүдөй кас[illegible]терге ээ: эгерде $a+b=c$ болсо, анда 1) $(a+m)+b$ [illegible]$+m$ ж-а $a+(b+m)=c+m$; 2) $(a-m)+b=c-m$ ж[illegible]$+(b-m)=c-m$, мында m – каалагандай чыны[illegible] сан.

«КОШЧУ« СОЮ[illegible]У – О. Азия аймагындагы кедей-дыйкан, жар[illegible]ы-жалчыларды тапка айландыруу (к. *Марксизм, Коммунизм, Кыргызстанда тап күрөшүнүн жүрүшү*) ж-а айыл жерлериндеги Совет бийлигин чыңоо максатында уюшулган уюм. Ал эмгекчи дыйкандардын мүдөөсүн коргоо керек деген чечим м-н Түркстан КПнын 5-съездинде (1920, сентябрь) кабыл алынган. Анын негизинде 1921-ж. декабрда Ташкент ш-нда «К.» с-нун Бүткүл түркстандык 1-съезди өтүп, анда анын БКсы шайланган ж-а союздун милдети, уставы аныкталган. Бирок Совет бийлиги аларга анча ишеним арткан эмес, кез-кез тазалоодон өткөрүлүп турган. Мис., 1925-ж. Кырг-нда бул союзга киргендердин жалпы саны 55–60 миңге жетсе, 1926-ж. 36 мин мүчөсү калган. «К.» с-н түзүү м-н Совет өкмөтү аны иш жүзүндө кооперативтештирүү, жаңы экон. саясат, а. ч. салыгын жыйноо, жер-суу реформасын, өзгөчө бай-манаптарды кулакка тартуу, ж. б. саясий иштеринде пайдаланган. Кыргыз обл. ВКП(б)нин 3-(1927, март) ж-а 5-(1929, январь) конф-яларынын чечимине ылайык ал өз ролун аткарып бүттү деген шылтоо м-н таратылып, анын милдети «жарды-жалчы» уюмуна жүктөлгөн.

КОШ ЭЛЕ́КТР КАТМАРЫ – фазалардын тийишкен чегинде (электрод-электролит) карамакаршы иондордун бөлүштүрүлүшүнүн натыйжасында электроддук кудуреттин пайда болушу м-н коштолгон катмар. Ал электродду жонгө салуучу Кулон күчү м-н электролиттеги иондордун кыймылынан пайда болот. Анын түзүлүшү бири оң, экинчиси терс заряддалган катмардан турат ж-а бир капталы катуу, экинчиси суюк конденсатор сыяктуу. К. э. к. гельмгольц ж-а диффузиялык катмарлардан турат. Иондордун заряды, электролиттин концент-сы жогорулаганда ж-а темп-ра төмөндөгөндө, К. э. к-нын калыңдыгы азаят. К. э. кубулуштарды катуу зат м-н суюктуктардын, газ м-н катуу заттардын тийишүү беттеринде пайда болот. Электролиз, электр-хим. реакция, металл коррозиясы, ион алмашуу ж. б. түшүндүрүүдө чоң мааниси бар.

КОШ-ЭТЕР – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Салам-Алик айыл округуна караштуу. Жазы суусунун сол өйүзүндө, деңиз деңг. 1360 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 49 *км* түш.-чыгыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 99 *км*. Калкы 1018 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Негизги мектеп, китепкана, ФАП бар.

КОЭРЦИ́Т КҮЧҮ (лат. coercitio – кармап туруу), к а р м а п т у р у у к ү ч ү – магниттик гистерезистин мүнөздөмөлөрүнүн бири. К. к. ферро- же ферримагниттик үлгүнү алгач толук каныгууга чейин магниттеп, аны толук магнитсиздендирүүгө керек магнит талаасынын чыңалышы H_c (к. *Гистерезис*). К. к. үлгүнүн магниттелиши ж-а магнит индукциясы нөлгө барабар болуп айырмаланат. К. к. коэрцитиметр м-н өлчөнөт. Ферромагнетиктердин К. к. 10^{-3}–10^4 Э ($8\cdot10^{-2}$ – $8\cdot10^5$ *А/м* ге чейин) болуп өзгөрөт. К. к-нүн чоңдугуна карата магниттик материалдар магниттик жумшак (H_c кичине) ж-а магниттик катуу (H_c чоң) болуп бөлүнөт. Үлгүдөгү кошулманын ж. б. кристалл торчосунун дефектти магниттик домен кыймылын кыйындатат ж-а ошону м-н бирге H_c ны чоңойтот. К. к-нүн жогорку мааниси (10^3–10^4 Э) бир домендүү ферромагниттик бөлүкчөдө алынат. Магниттик жумшак материалдан трансформатордун өзөкчөсү, магниттик катуу материалдан турактуу магнит жасалат.

КОЭФФИЦИЕ́НТ [лат. co (cum) – биргелешип ж-а efficiens – иштеп чыгаруу] – белгисиз же өзгөрмө чоңдуктарды камтыган тамгалуу туюнтманын белгилүү туруктуу көбөйтүүчү саны. Мис., $\frac{1}{4}$ a^3b^3 бир мүчөдө К. $\frac{1}{4}$; $x^2+3px+q=0$ теңдемесинде x^2тын К-и 1; xтин К-и 3р; айлананын уз. табуу формуласы С=2ргде К. 2 болот. Формулалардагы көпчүлүк К-тер физ. закондорду туюндуруучу өзгөчө аталышка ээ: мис., сүрүлүү К-и, беттик тартылуу К-и ж. б. Ал эми математикада: бир мүчөнүн К-и, бурчтук К., окшоштук К., бином К-и, пропорциялаштык К-и ж. б.

КӨБӨГӨНОВ Абдашым [1913, Чолпон-Ата болушу (азыркы, Ысык-Көл обл., Ысык-Көл р-ну), Кара-Ой айылы – 13. 11. 1992, Бишкек] – драма артисти, режиссёр, драматург, Кыргыз ССР эл арт. (1967). Фрунзедеги рабфакта окуган. 1937-ж. Жумгал колхоз-совхоз театрын уюштурган. Нарын (1939–46), Жалал-Абад (1948–49), Ысык-Көл (1949–52) театрларында көркөм жетекчи ж-а актёр, 1946–48-ж. ж-а 1952-жылдан Кыргыз мамл. драма театрында актёр, 1974–76-ж. директор болуп иштеген. Аткарган ролдору: Саринжи (К. Эшмамбетов, «Саринжи»), Курманбек, Аккан (К. Жантөшев, «Курманбек»), Фрунзе (К. Маликов, «Бийик жерде»), Каренин (Л. Толстой, «Анна Каренина») ж. б. К. комедиялык





Кобогонов А. – Каренин, Вронский – Н. Кытаев, Анна Каренина – З. Молдобаева. Л. Толстой. «Анна Каренина». Кыргыз Мамл. академиялык драма театры. 1960.

курч образдарды да жараткан. Режиссёр катары К. Эшмамбетовдун «Саринжи», Ж. Бөкөмбаевдин «Токтогул», К. Жантөшевдин «Курманбек», Н. Гоголдун «Үйлөнүү», Р. Шүкүрбековдун «Акындын үмүтү», К. Маликовдун «Осмонкул» ж. б. спектаклдерди койгон. К. – «Туткун Каныш», «Болот менен Тынар», «Алмагүл», «Ким элек», «Карагай-Булак» аттуу пьесалардын автору. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

КӨБӨЙТҮҮ – ар кандай эки чыныгы сан б-ча үчүнчү чыныгы санды табуучу арифм. амал. Мис., $a \cdot b = c$, a, b – К-чүлөр, c – көбөйтүндү; демек, a санын b санына К. а санын өзүн өзүнө b жолу кошуу дегенди билдирет. К. амалы × белгиси м-н белгиленет (англис математиги У. Оутред 1631 же немис математиги Г. Лейбниц (1698) ж-а $a \times b$, $a \cdot b$ же ab деп жазылат. $\frac{a}{b}$ ж-а $\frac{c}{d}$ бөлчөк сандарын К. $\frac{a}{b} \cdot \frac{c}{d} = \frac{ac}{bd}$ барабардыгы м-н аныкталат. Эки рационалдык санды К-дө абс. чөндугунун көбөйтүндүсүнө барабар болгон ж-а эки К-чү тең бирдей белгиде болсо, анда плюс (+), түрдүү белгиде болсо, минус (–) белгидеги сан алынат. Иррационалдык сандарды К. аларды рационалдык жакындатуунун жардамы м-н эсептелет. Комплекстик сандарды К. төмөнкү барабардыкта аткарылат: $(a+bi)(c+di)=ac-bd+(ad+bc)i$ ж. б. Сандарды К. төмөнкүдөй касиеттерге ээ: $ab=ba$ орун алмаштыруу закону; $abc=(ab)c=a(bc)$ топтоштуруу закону; $a(b+c)=ab+bc$, бөлүштүрүү закону ж-а $a \cdot 0=0$; $a \cdot 1=a$.

КӨБӨЙТҮҮЧҮЛӨРГӨ АЖЫРАТУУ к о п м ү ч ө н ү – төмөнкү даражалуу эки же андан көп сандагы көп мүчөлөрдүн көбөйтүндүсү түрүндө теңдеш өзгөртүү. К. а-нун эң жөнөкөй ыкмалары: 1) жалпы көбөйтүүчүнү кашаанын сыртына чыгаруу: $2a^3b-3ab^2=ab(2a^2-3b)$, $a+b=a(1+\frac{b}{a})$; 2) кыскача көбөйтүүнүн формулаларын колдонуу: $4x^2-4xy+y^2=(2x-y)^2$, $8a^3-b^3=(2a-b)(4a^2+2ab+b^2)$; 3) кошулуучулар[illegible] топтоо, мис., $2ac-4ad+3bc-6bd=2a(c-2d)$[illegible]$b(c-2d)=(2a+3b)(c-2d)$. 4) Кошулуучуларды [illegible]үштүрүү: $a^3+2a+2=a^2+2a+a+2=a(a+2)+(a+2)$[illegible]$+1)(a+2)$ ж. б. Эгерде n даражалуу $P(x)$[illegible]$a_1x+a_2x^2+\ldots+a_nx^n$ ($a_n \neq 0$) көп мүчө болсо, анд[illegible] $x_2, x_3, \ldots, x_n$ анын тамырлары болот. $P(x)=a$[illegible]$x_1)\ldots(x-x_n)$, мында баары 1-даражадагы к[illegible]түүчүлөр. Мис., 3-даражалуу $x^3-6x^2+11x-6$ [illegible] мүчө $x_1=1$, $x_2=2$, $x_3=3$ тамырларга ээ болсо, [illegible] төмөндөгүдөй көбөйтүүчүлөргө ажыратылат: $x^3+6x^2+11x-6=(x-1)(x-2)(x-3)$. К. а. теңдемелерди ж-а барабарсыздыктарды, о. эле башка маселелерди чыгарууда колдонулат.

КӨБӨЙҮҮ – организмдердин өзүнө окшош муундарды жаратып, белгилер м-н касиеттердин укумдан тукумга берилишин, тиричиликтин үзгүлтүксүз уланышын камсыз кылуучу касиети. К-нүн негизги үч түрү (жыныссыз, жыныстык ж-а вегетациялык) бар. Ж ы н ы с с ы з К. татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдө споралардын жардамы м-н, жөнөкөйлөрдө жыныстык жактан жетилбеген клеткалардын ортосунан бөлүнүшү м-н өөрчүйт. В е г е т а ц и я л ы к К-дө жаңы организм дененин көп клеткалардан турган бөлүгүнөн калыптанат. Ага көбүнчө көп клеткалуу организмдин, өзгөчө өсүмдүктүн К-сү кирет. Ж ы н ы с т ы к К-дө көп клеткалуу организмдер мейоздук бөлүнүүнүн натыйжасында жыныстык клеткалар – *гаметалар* пайда болот да, алар кошулуп (уруктанып), *зиготаны* пайда кылат. Зигота өөрчүп, жаңы организмге айланат. Уруктанууда гаплоиддүү гаметалардын хромосомалары кошулуп, диплоиддүү клеткага айланып, тукум куугуч белгилер берилет. Уруктануунун 3 түрү (изогамия, анизогамия же гетерогамия ж-а оогамия) белгилүү. Изогамияда көлөмү, сырткы көрүнүшү б-ча бири биринен айырмаланбаган 2 гамета кошулат. Анизогамияда кошулган гаметалардын экөө тең кыймылдуу, бирок энелик гамета аталыкка караганда чоң болот. Оогамияда кыймылсыз энелик клетка м-н кыймылдуу, майда аталык гаметалар – *сперматозоиддер* кошулат. К. организмдердин жашоосунда бир гана же көп жолу болушу мүмкүн. Бөлүнүү жолу м-н К-чү бир клеткалуу организмдер, бир, эки жылдык гүлдүү өсүмдүктөр – монокарптар, кээ бир балыктар өмүрүндө бир гана жолу көбөйүп, тукум берет. Ал эми башка организмдер, мис., жаныбарлар, көп жылдык өсүмдүктөр – поликарптарда К. көп жолу кайталанат. К-нүн жүрүшүнө чөйрө факторлору – темп-ра, азык заттар, жарык чоң таасир тийгизет. К-дөн пайда болгон тукумдун саны түрдүүчө, мис., пил 3–4 жылда бирди тууса, треска балыгы бир өрдөө маалында 10 млн, айрым балыктар 300 млнго жакын урук таштайт. Таал түзүлүштүү жаныбардын ж-а адамдын К-сүн нерв системасы жөнгө салат, к. *Жыныссыз көбөйүү, Вегетациялык көбөйүү.*

КӨБӨКОВ (Кабеков, Кобеков) Имаш Кудайбергенович (20. 5. 18[illegible], Пишпек уезди Константиновка кыш. – 28[illegible]. 1928, Фрунзе) – Кырг-нда Совет бийлигин[illegible]нотуп, аны чыңдоонун активдүү катышуу[illegible]у. 1915-жылдары Чүй о. ж. курулушунда и[illegible]п, ал жерден А. И. *Иваницын* м-н тааныш[illegible]дан кийин рев-ячыл ишмердигин баштаган[illegible]917-ж. май айында Х. Хасанов м-н бирге Ке[illegible]-кембагалдар союзун түзгөн. Кийин ал *«Букар[illegible]»* союзу деп аталып, 1918-ж. октябрь айынан анын төрагасынын орун басары болуп дайындалган. Эсерлер партиясынын мүчөсү (1918-ж. чейин), Жумушчу-дыйкандар советинин аткомунун мүчөсү (1918). Жумушчу-дыйкандар советинин Пишпек уезддик 1-съездинин РКП(б)нин мусулмандар бюросунун уезддик к-тинен жалпы кыргыз съездине делегат (1919). 1920-жылдын январынан Пишпек уездинин аскер комиссары, о. эле уезддин мамл., парт. органдарында иштеген.

Ад.: *Семенков В.* Большевик Имаш Кобеков //Литературный Киргизстан. 1966, № 2.

КӨБӨНОВ Данияр (8. 9. 1982-ж. т., Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Саруу айылы) – грек-рим (классикалык) күрөшү б-ча эмг. син. спорт чебери (2005). Азиянын 2 жолку (2005; 2007) чемпиону. Олимпия (2004; Афины), Азия (2002, Пусан – 2-орун; 2006, Доха – 3-орун; 2010, Гуанжоу – 1-орун), жаштардын эл аралык (1998, Москва – 3-орун) оюндарынын катышуучусу. О. эле Азия чемпионатынын күмүш медалынын (2006, Алматы) ээси.



КӨБӨӨ – кийим (ичик, кементай, тон, чепкен, тери шым, белдемчи ж. б.), баш кийим (калпак, шөкүлө ж. б.), бут кийим ж-а үй буюмдарынын (күзгү кап, аяк кап, баштык, төшөк, көлдөлөң ж. б.) айрым бөлүктөрүнүн (жака, этек, жең, багалеги, кырбуу, конч ж. б.) жээгине карматылган кыюу. К. катары кездеме, киш, көрпө, кийиз, таар пайдаланылган. Жасалган буюмга ылайыкталып, айрым К-лөр саймаланат. Көрпө, териден жасалган буюмдар кездеме м-н К-лөнөт. Эл арасында: «Көбөө келсе көйкөлөт, жака келсе жайкалат» деген макал өпөндөн улам айтылса керек.

КӨБҮК – дисперсиялык фазасы газ, чөйрөсү суюктук же катуу заттан турган дисперсиялуу система. Газ бөлүкчөлөр өз ара кошулушпай, эркин түрүндө суюктукта сакталса, эмульсия катары каралат. К-тү пайда кылуу ж-а алуу үчүн идиштеги суюктукка газды (абаны) чачтыруу, бүркүү же идиштеги суюктукту катуу чайкоо, аралаштыруу керек. К-түн көбөйүшү суюктук аркылуу өтүп жаткан газдын ылдамдыгына жараша болот. Газдын ылдамдыгы жогорулаган сайын К. көбөйүп, ылдамдык 0,3–1 *м/сек*га жеткенде, суюктук-газ негизинен К-кө айланат. Суюктук кайнаганда бөлүнүп чыккан газдын же буунун жалпы дисперсиялык фазаны түзүшү да К. болуп саналат. К. туруктуу ж-а туруксуз болуп бөлүнөт. Туруктуу К. стабилизатор ж-а атайын көбүрткүч заттардын жардамы м-н алынат. Көбүрткүчтөр беттик активдүү заттар болушат (мис., самын). Ө. ж-да, техникада, курулушта бетон, пластика, резина ж. б. материалдарды көбүк түрүндө колдонуу кенен таралган. Өрт өчүрүүнүн айрым түрү да көбүктөнүүгө негизделген.

КӨБҮК-СУУ – Ички Теңир-Тоодогу суу, Көкөмерендин оң куймасы. Жумгал р-нунун аймагы аркылуу агат. Уз. 35 *км*, алабынын аянты 398 *км*². Куралуу аймагынын дениз деңг. орт. бийикт. 2800 *м*. Негизинен кар ж-а жер астындагы суулардан куралат. К.-С-нун 52 куймасы бар. Жылдык орт. чыгымы 9,4 *м*³/*сек*, модулу 23,6 *л/сек·км*². Июль айында ташкындап, февралда тартылат. Алабындагы мөңгүлөрдүн жалпы аянты 2,7 *км*².

КӨБҮК-СУУ ТУЗ КЕНИ Нарын обл-нун Жумгал р-нунда, Сары-Камыш кыш-нан 8 *км* түш. тарапта, дениз деңг. 1200–1500 *м* бийикте. Геол. издөө иши 1973-ж. жүргүзүлгөн. Таш көмүр мезгилинде пайда болгон туздуу катмарда калыңдыгы 19,8–22,1 *м*, уз. 800–900 *м* жеткен галит минералы бар кабат изилденген. Кабаттагы чопо, кум ж-а шагылдын өлчөмүнө жараша хлордуу натрий 35,79–56,1% тен 69,98–71,45% ке чейин өзгөрөт. Малга тоют туз катары пайдаланса болот. Запасы C_2 категориясы б-ча 300 миң *т*.

КӨБҮКЧӨЛҮҮ КА́МЕРА – жогорку энергиялуу заряддалган бөлүкчөлөрдүн изин (трек) каттоочу курал; анын иштеши бөлүкчөлөрдүн траекторияларын бойлото ысыган суюктуктун кайнашына (буунун майда көбүкчөлөрдү түзүшүнө) негизделген. К. к-ны 1952-ж. Д. Глейзер (АКШ) ойлоп чыгарган (Нобель сыйлыгы, 1954). К. к. адатта жогорку энергиялуу бөлүкчөлөрдүн суюктуктун ядролору м-н өз ара аракеттениши же бөлүкчөлөрдүн бөлүнүшүн каттоодо пайдаланылат. Жумуш аткаруучу суюктук катары көбүнчө суюк суутек, дейтерий, неондун суутек м-н аралашмасы (криогендик камера), о. эле пропан, фреон ж-а ксенондун пропан м-н аралашмасы

(оор суюктуктуу камера) колдонулат. Көбүкчөлөр жетишерлик өлчөмгө жеткенде К. к-дагы болүкчөлөрдүн изи сүротко тартылып алынат. К. к-нын жардамы м-н көптөгөн элементардык болүкчөлөр ачылган ж-а изилденген.

КӨБҮРГӨН (Allium atrasanguieneum) – өсүмдүктөрдүн лилия гүлдүүлөр тукумунун пиязлар уруусундагы түрү. Көп жылдык чөп. Жалбырагы наштардай. Гүлү чатырдай топ гүлгө чогулган. Желекчелери кызгылт, кара темгилдүү. Мөмөсү – кутуча. Майдан июлга чейин гүлдөйт ж-а мөмөлөйт. Кырг-ндын бардык аймактарында бийик тоонун таштак беттеринде кездешет.

КӨБҮРГӨН, п а н а р и ц и й – манжа тканда-рынын ириңдүү сезгениши. Манжанын тырмак тушундагы кесилген, сыйрылган, тикен кирген жер аркылуу ириндетүүчү микроб киргенден К. териде, тырмак астында, түбүндө (үстүнкү) ж-а тарамышта, муун сөөктө, тери астында (терең) пайда болот. Үстүнкү К-дө терининн эпидермис катмары ириндейт. Тырмак жанындагы К-дө анын түбү кызарып, ириндейт. Ириң тырмак астына өтүп кетсе, ал тырмакты алып салмайынча айыкпайт. Терең жайгашкан К. манжанын ички жагындагы тери астынан башталат. Ал жерде тери калың болгондуктан, ирин сыртка чыга албай, ал тарамыш, муун, сөөкко чейин өтүп кетиши мүмкүн. Тери астындагысы такай сайгылашат, түнкүсүн ооруйт, сезгенүү муунга же тарамышка тарап кетсе, манжа кыймылдабай калат. Ириндетүүчү микробдор лимфа ж-а кан тамырлар аркылуу тарап, ар кайсы орган м-н ткандарды сезгентет ж-а сепсис пайда кылышы мүмкүн. Ал көпкө айыкпаса, сезгенүү алакан, каруу, билекке өтүп, оор хирург. операция жасоого туура келет. Алдын алуу үчүн өндүрүштө ж-а үй тиричилигинде жеке тазалык эрежелерин сактоонун мааниси чоң.

КӨБҮҮ – айлана-чойродон суюктукту же буюну сиңирип алуудан катуу заттардын көлөмүнүн же массасынын чоноюшу. К. чектүү ж-а чексиз болуп бөлүнөт. Биринчисинде белгилүү көлөмгө жеткенде, К. токтолот ж-а көбүүчү өз келбетин сактайт, мис., гель сымал ион алмашуучу чайырлар сууда, жумшартылган каучук бензолдо чектүү көбөт. Экинчи учурда полимер м-н суюктуктун өз ара диффузиясынын натыйжасында фаза аралык чек жоюлуп, К. полимердин толук эрип кетүүсү м-н аяктайт. Кээде чектүү темпранын жогорулашы м-н чексиз К-го өтөт. К. техникада, турмуш-тиричиликте кенен колдонулат.

КӨГАРТ (фарсыча кух – бийик ж-а байыркы кырг. *арт* – ашуу; бийик ашуу маанисинде) – Сузак р-ну аркылуу аккан суу. Кара-Дарыянын оң куймасы. Уз. 105 *км*, алабынын аянты 1370 *км*². Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталынан башталып, Когарт ороону аркылуу агат. Ири куймалары: Кызыл-Суу, Кара-Март, Үрүм-Башы, Жошо, Кара-Алма ж. б. Кар, булак ж-а жамгыр сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 18,3 *м*³/*сек*, эң азы январда 5,43 *м*³/*сек*, эң көбү май айында 58,8 *м*³/*сек*. Суусу апрелде кирип, августа тартылат. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Мур[illegible]з, Жоон-Күнгөй, Сузак ж. б. кыш. жайгашкан.

КӨГАРТ – Ош обл-нун Кар[illegible]Сулжа р-нундагы кыштак. Алайкуу айыл [illegible]тугуна караштуу. Сөөк ж-а Көгарт сууларынын кошулушундагы өтөктө, деңиз деңг. 2400 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кыш-нан 120 *км* чыгыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 208 *км*. Калкы 2962 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП, клуб бар.

КӨГАРТ АШУУСУ Фергана тоо тизмегинде. *Когарт* суусунун башынан орун алган. Бийикт. 3319 *м*. Ашуунун бели түзөң, түн.-чыгыш капталы тигирээк, түш.-батышы бир аз жантайыңкы. Негизинен силур м-н девондун мрамор, сланец, акиташ тектеринен турат. Кышында калың кар жатат. Июнь–сентябрь айларында ачык. Сузак ж-а Тогуз-Торо р-ндорун байланыштырган автомобиль жолу өтөт.

КӨГАРТ КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нунда, Жалал-Абад ш-нан 8 *км* түн.-чыгыш тарапта, Когарт суусунун кашатында, деңиз деңг. 900 *м* бийикте жайгашкан. 1967–68-ж. Түн. Кыргыз экспедициясы чалгындаган. Аймагы антропоген мезгилинде пайда болгон аллювий чөкмөлөрүнөн турат. Алар кургак сайда кум-шагылдуу, кой таштуу тектирди, кашаттаарды түзөт. Петрогр. ж-а гранулометриялык курамы ар түрдүү. Катуу, бекем кварцтуу кумдуктар м-н кремнийлер (80%), женил талкаланууучу сланецтер м-н алевролиттер (4%) ж-а акиташ, доломит ж. б. (25%ке чейин) кезигет. Шагыл (40 *мм*ден кесеги) 45%, кум 15,8%ке чейин, чаң 12%, орг. калдык м-н слюда жокко эсе. Кум ири бүртүктүү, чондук модулу 2,5–3,1. Запасы *A+B* категориясы б-ча 6559 мин *м*³, C_1 – 7970 мин *м*³. Кенди пайдалануу үчүн аны талкалап, шагылга, кумга айландыруу талап кылынат. Жуулган кум жөнөкөй бетондорго, ал эми шагыл «300», «400» маркасындагы бетон даярдоого жарамдуу. Кен Жалал-Абад ш-ндагы бетон з-дунда пайдаланылат.

КӨГАРТ ӨРӨӨНҮ Сузак р-нунун аймагында. Фергана тоо тизмегинин түн.-батыш капталынан Кара-Дарыя ороонуно чейин 80 *км*ге созулуп жатат. Туурасы 20 *км*. Таманынын абс. бийикт. 700–2000 *м*. Жогорку тоолуу болүгү Фергана тоо тизмегинин негизги суу болгучу ж-а анын айрыктары м-н чектелген бир нече өрөөн, капчыгайларга (Жошо, Орток, Кара-Алма, Үрүмбашы, Кызыл-Суу ж. б.) болүнүп кетет. Төмөнкү түзөң болүгү (уз. 55 *км*) жайык (таманынын туурасы 6–8 *км*). Жалпы энкейиштиги 5°...1°.



Когарт суусу.

Түш.-чыгыш тарабынан Сөрүүн-Дөбө, Айып-Тоо (бийикт. 1300–2400 *м*), түн.-батышынан Чангыр-Таш (1300–1800 *м*) тоолору м-н чектешет. Тектон. жактан К. ө. – аллювий чөкмө тектери толгон кендик б-ча жаткан синклиналь. Чөкмөлөрдүн эң калың катмары Жалал-Абад ш-на жакын жатат. Адырлар негизинен неоген мезгилинин конгломерат, мергелдүү чопо, тоолуу болүгү юранын чополуу сланец тектеринен турат. Айрым жеринде (Сөрүүн-Дөбө) палеозойдун акиташ, сланец тектери кездешет. Климаты мелүүн континенттик, тоо тарабында мелүүнүрөөк. Түздүгүндө январдын орт. темп-расы – 4,3°С, июлдуку 25°С. Абс. макс. 41,1°С; абс. мин. –28°Сге чейин. Жылдык жаан-чачыны 468–900 *мм*. Сууларынын ириси – *Когарт* суусу (орт. чыгымы 18,3 *м*³/*сек*). Жарым чөл ж-а кургак талаа (700–1000 *м* бийикте, боз топурактуу келип, ак шыбак, эбелек, камгак ж. б. өсүмдүктөр өсөт), талаа (1000–1400 *м*; бозомук күрөң топурактуу, бадалдар, буудайык, кызыл от ж. б.), жаңгак-жемиштүү токой (1400–2400 *м* күрөң ж-а кара күрөң топурактуу), шалбаалуу талаа, субальп ж-а альп шалбаа ландшафттары мүнөздүү. Бийик болүгү аска-зоокалуу, шагыл таштуу. Өрөөндө Жалал-Абад ш., Сузак, Бек-Абад, Октябрь, Жийде ж. б. кыш. жайгашкан.

Ад.: *Ракитников А. Н.* Сельскохозяйственные зоны Восточной Ферганы // Уч. зап. МГУ, 1939, вып. XXI; *Рахманов Р. О.* Зональности рельефа и рельефообразующих процессов на юго-западном склоне Ферганского хребта // Изв. АН Кирг. ССР, № 5, Ф., 1973; Атлас Киргизской ССР. М., 1987; Кыргыз жергеси. Ф., 1990.

КӨГӨН – козу-улак же кой-эчки тизилип байлануучу эшме аркан. Эки казыкка кере тартылып байлануучу аркан – к е ж и, бир (туюк) учу көзөноктолүп, экинчиси түйүлгөн эки кат эшме жип б у у р ч а к деп аталып, ага жандыктар каршы-терши байланат. Бир К-дөгү буурчактын саны 60–70ке чейин жеткен.

КӨГӨНДӨР (Tabanidae) – курт-кумурскалар классынын кош канаттуулар түркүмчөсүнүн тукуму. Жаныбардын канын соруп жашоого ыңгайлашкан. Көзү чоң, муруту үч бөлүктүү. Башы кыска, жазы. Канаты тунук, кээсиники боз тор сымал ж-а жол-жол күрөң түстө. Дене уз. 6–30 *мм*ге жетип, сырты кыска майда түктөр м-н капталган. Дүйнөдө 3 минге жакын түрү белгилүү. Ал жайкы аптапта айбанаттарды, кишини чагат. Ургаачылары гана кан сорот, эркеги гүл чаңчалары м-н азыктанат. Көлмө жээгиндеги бадал, дарак жалбырагына, бутагына топ-топ кылып, чондугу 2 *мм*дей цилиндр түспөл топтошкон жумуртка таштайт. Андан личинка чыгат да, алар сууда же топуракта жашап, майда омурткасыздар м-н азыктанат. Кийинчерээк ал куурчакчага, 2–3 жумадан кийин имагого айланат. К. жайылган малды талап, кунарын кетирет. Кишинин ишке жондомдүүлүгүн азайтат ж-а жугуштуу ылаң козгогучта-



Көгөндөр: 1 – үй көгөнү; 2 – кой көгөнү; 3 – жылкы көгөнү.

рын таратат. Аларга каршы күрөшүүдө көлмөлөрдү кургатуу, жаныбарга К-ду качыруучу дары (мис, креолиндин 5% түү эритмесин) сыйпоо керек.

КӨГӨРҮҮ, ц и а н о з – организмге кычкылтектин жетишсиздигинен, б. а. кандын курамындагы кычкылтек м-н кошулбаган гемоглобиндин көбөйүшүнөн терининн ж-а быжыр челдин көгөрүшү. Өпкөнүн жабыркашында (плеврит, пневмония ж. б.), жүрөк кемтигинде, ууланууда (анилин, нитробензол ж. б. м-н) жалпы көгөрүү байкалат. Кээде денеңин айрым бөлүгүндө, кол бут венасында кан туруп калганда да көгөрөт.

«КӨГҮЛТҮР ЫСЫК-КӨЛ» – Чолпон-Ата курорттук р-нунда жайгашкан, жыл бою иштөөчү эң ири санаторий. 1965-жылдан иштейт. Бишкектен 250, Балыкчыдан 80, Караколдон 145 *км* алыстыкта ж-а деңиз деңг. 1610 *м* бийиктикте жайгашкан. Чолпон-Ата курорттук р-нунда Ысык-Көлдүн башка жерлерине салыштырганда күн радиациясы өтө күчтүү, абасы таза. Санаторийде учуктан башка өпкө ооруларын, нерв системасынын функциялык бузулушун, кан тамыр, жүрөк ооруларынын кээ бир түрүн дарылайт. Суу ж-а баткак м-н дарылоочу жайы, ванна, баткак берилүүчү кушетка, бассейн, кычкылтек м-н дарылочу бөлмө, ингаляторий, тиш кабинети ж. б. бар. Оорулууну дарылоодо электротогу ж-а жарыгы, дарылоочу физ-ра, укалоо, климат кенири пайдаланылат. Клиникалык, биохим. лабор. ж. б. иштейт. Алар учурдун та-



лабына шайкеш аппараттар м-н камсыз кылынган. Жайкы, кышкы клубу, көрүү залы, китепкана, атайын пляж ж-а кайык станциясы бар. Көл суусу туздуу, темп-расы жайында 20–22°Сге жетет. Сууга түшүү сезону – июндан сентябрга чейин.

КӨГҮЧКӨНДӨР, к е п т е р л е р (Columbidae) – куштардын көгүчкөн сымалдар түркүмүнүн тукуму. Канаты узун, учтуу, жакшы учат. Түсү ар түрдүү. Жер бетинин мелүүн ж-а тропик алкактарында кеңири таралган. 43 уруусу, 285 түрү белгилүү. КМШ өлкөлөрүндө 3 уруусунун 13 түрү



Көгүчкөндөр: 1 – кок көгүчкөн; 2 – токой көгүчкөнү; 3 – алагүү; 4 – бактек; 5 – ак төш көгүчкөн.

кезигет. Көбү келгин куш. К. токой, талаа, тоону, эгин айдалган жерлерди мекендейт. Дарак, бадал, аскаларга, курулуштарга уялайт. 2 жумуртка тууп, эркек, ургаачысы тең басат. Экиден же кээде колония болуп жашайт. Балапаны жылаңач, кээде сейрек тыбыттуу болот. Өсүмдүк уругу, мөмөсү м-н азыктанат. Суу ичүү үчүн алыс аралыкка учуп барат. Азыркы почта ж-а кооздук К. кок көгүчкөндөн чыккан. 6 түрү, 9 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган. Ак төш көгүчкөн м-н сур көгүчкөн (эверсмаин) Кырг-ндын Кызыл китебинин тизмесине кирген.

КӨДӨӨ, а к к ы л к а н – дан өсүмдүктөр тукумундагы көп жылдык чөп өсүмдүк уруусу. К-нүн 300дөй түрү белгилүү. КМШ өлкөлөрүндө 60тай, а. и. Кырг-нда 21 түрү өсөт. Машакчасы жалгыз гүлдүү, машак түрпүлөрү ичке, сүйрү, узун кылкандуу; жалбырагы ичке К. кургак, кумдак, боздон дөңдөрдө өсөт. К. – баалуу тоют, айрыкча эрте жаздагы жаш чөбү малга жагымдуу. Кырг-нда кеңири таралган түрү – лессинг К-сү. Анын гектарынан 10–35 *ц* чөп алынат. 100 *кг* көк чөбүндө 30,8 т[illegible] бирдиги, 4,3 *кг* сиңимдүү протеин болот. [illegible] *кг* кылкандуу К-дө 29,3 тоют бирдиги, 1[illegible] *кг* сиңимдүү протеин бар.

КӨЖӨ – акталган таруудан [illegible]рүчтөн же кесек тартылган дандан (арпа, буудай, конок, жүгөрү) эт, май же башка катык [illegible]булуп, кайнатылып жасалган суюк тамак. Ич-го ак катыкталып, ысуулай да, кээде ачытылып, суусундукка да ичилген. К-нүн жыл ажырашта (Нооруздда) жасалганы жыл К. же чоң К. (н о о р у з д а м а) деп аталган. Айыл эли чогулуп, чоң казанга жетиден кем эмес даам салып, пияз, сарымсак сыяктуу татымалдарды кошуп, суу куюп, көпкө кайнатып бышырган. Дан азыгынын маңызы эзилип, эт сөөгүнөн шылынып, шору чыккан. К. даяр болгондо аны айылдуу айылы м-н ооз тийишкен. К. бышканча алас кылып, жыл ажыратып, жаңы жылды белгилешкен.

КӨЗ – адамдын, бардык омурткалуу, кээ бир омурткасыз жаныбарлардын көрүү органы. Омурткалуулардын жуп көзү баш сөөгүндөгү көз чарасында жайгашкан. К. көрүү нерви аркылуу мээ м-н байланышкан көз алмасынан ж-а кошумча бөлүктөрдөн турат. Көз алмасы шар сымал, алдыңкы бөлүгүндө жарык сындыруучу аппарат (тунук кабык, чечекей, айнек сымал чел ж. б.) жайгашкан. *Жерде-сууда жашоочулардын* К-үнүн тунук кабыгы ото томпогой. *Сойлоочулар* м-н куштарда көрүү нерви чыга турган жеринде кан тамырга бай таракчасы болот. Куштун көрүү аппараты башка жаныбарга салыштырганда күчтүү орчүгон. Сүт эмүүчүлөрдүн К-ү формасы б-ча жерде сууда жашоочулардыкына окшош. Сууда жашоочу сүт эмүүчүлөрдүн (мис., кит) көзү терең жашоочу балыктардыкына жакын. Жер астында жашоочу сүт эмүүчүлөрдө (сокур чычкан ж. б.) К. редукцияланган. Адамдын К. алмасы К. чарасында жайгашып, 3 катмардан турат. Тышкы катмардын алдыңкы тунук бөлүгү томпок линзага окшош, тунук чел (роговица) деп аталат. К. алмасынын сырткы катмарынын калган бөлүгү ак түстүү катуу челден туруп, ак чел (склера) деп аталат. Бул катмар таяныч ж-а коргоо кызматын аткарып, К. формасын сактайт. Тунук чел жарыкты жакшы сындыруучу оптикалык касиетке ээ. Анын артында тунук суюктукка толгон алдыңкы камерасы бар. Андан кийин түстүү кабык (жаа сымал кабык) анын ортосунда (борборунда) карек жайгашкан. Түстүү кабыкта пигмент болуп, анын санына ж-а кабыктын калыңдыгына жараша К-дүн түсү ар түрдүү (кара, көк, кой көз) болот. Бул кабыкта К-дүн карегин чоңойтуп, кичирейтип туруучу булчуну бар. Жаа



Көздүн түзүлүш схемасы (туурасынан кесилген): 1–көздүн тунук кабыгы; 2 – көздүн алдынкы камерасы; 3 – чечекей; 4 – көздүн жаа сымал кабыгы; 5 – коньюнктива; 6 – цилиар денеси; 7 – көздүн ак кабыгы; 8, 16 – көз булчундары; 9 – кан тамырлуу кабык; 10 – торчо кабык; 11 – айнек сымал дене; 12 – көздүн торчо кабыгынын сары тагы; 13 – артериялар; 14 – көрүү нерви; 15 – көрүү нервинин кабыгы.

сымал кабыгы К-дүн ички суюктугун иштеп чыгаруучу кирпиктүү денеге отот. Кирпиктүү денеден кан тамырлуу катмар башталат. Булар, жаа сымал кабык, кирпиктүү дене ж-а кан тамырлуу кабык, К. алмасынын ортонку катмарын түзөт. К алмасынын ички катмары – торчо катмар. Анын терецинде жарык сезүүчү таякчалар ж-а колбочкалар жайгашкан. К-гө түшкөн жарык көрүү нерви аркылуу мээге берилет. К. алмасынын борб. бөлүгүндө чечекей орун алган. Андан кийин айнек сымал килкилдек зат ж-а көздүн алдынкы, арткы камераларындагы суюктук бар. Чечекей эки жагы томпок линзага окшош тунук, каректин астында жайгашкан. Кирпиктүү денеинин кирпикчелеринин жардамы м-н булчундардын жыйрылуусунун натыйжасында чечекей өзүнүн калыңдыгын өзгөртүп, алыстан же жакындан даана көрүүгө К-ду ылайыктап турат. Көпчүлүк омурткасызда (мис., муунак буттууларда) К-дүн кызматын татаал *көрүү органдары* – фасеттүү К-дор, К-чолор аткарат, к. *Көрүү органдары.*

КӨЗ АЙНЕК – көздүн көрүү кемтигин өндөө ж-а шамалдан, чаңдан, о. эле күн нурунан ж. б-дан коргоо үчүн колдонулуучу оптикалык прибор. Ал эки линзадан ж-а алар бекүүчү эки алкактан, кулакка кыстаруучу кармоочтон турат. Көзгө түшкөн жарык нуру көз торчосунда кесилишип, ал жерде сүрөттөлүш пайда болгондо, нерсе даана көрүнөт. Кемтиги бар көздө жарык нуру көз торчосуна жетпей кесилип, нерсенин сүрөттөлүшү көз торчосунун алдында болот. Мында адам жакын нерсени жакшы көрүп, алыстан начар көрөт. Айрым учурда нерседен түшкөн жарык көз торчосунан өтүп кесилишет. Бул учурда нерсенин сүрөттөлүшү көз торчосунун артында пайда болуп, киши жакындан начар, алыстан жакшы көрөт. Жарык нуру томпок линза аркылуу өткөндө бир чекитке чогулуп, чогултуучу линза деп аталат. Жарык нуру ийкемек линза аркылуу өткөндө, ал чачырап, линзанын алдында жалган фокус пайда кылат (чачыраткыч линза). Эки жагы ийкемек линзалуу К. а-ти алыстан начар көрүүдө, ал эми жакындан начар көрүүдө эки жагы чогултуучу линзалуу К. а. сунуш кылынат. Мындан тышкары жарык чогултуучу ж-а чачыраткыч цилиндрлүү линзалар белгилүү. Мындай линза астигматизмде колдонулат. Айрым учурда бир эле убакта алысты да, жакынды да жакшы көрсөтүүчү К. а-терди колдонсо болот. Анда К. а-тин үстүнкү бөлүгүндө алысты жакшы көрсөтүүчү, төмөнкү бөлүгүндө жакынды жакшы көрсөтүүчү айнек салынат. Эки көз ар кандай көрсө же бир көздүн чечекейи жок учурда контакттуу линзалар коюлат. Ал абдан сапаттуу пластмассадан жасалат. Косметикалык жактан артыкчылыгы болгондуктан, коп пайдаланылат. Көрүү нерви м-н көз торчосу жабыркап, көрүү ото начарлаганда, телескоптуу, көрүү айланасын чоңойтуучу күзгүлүү, о. эле чалыр көздү ондоочу К. а-тер бар. Коргоочу К. а-тер көздү урунуудан, мех. ж-а хим. заттардан, күн нурунун зыяндуу таасиринен сактоо үчүн колдонулат. О. эле инфракызгылткөк нурлары м-н байланыштуу иште (айнек үйлөтүүчү, болот эритүүчү ж-а ысык цехте) кишетегендерге атайын коргоочу кара К. а-терди кийүү сунуш кылынат. К. а. тагынуу м-н түзөтүлөт. К. а-те колдонулуучу линзалардын оптикалык күчү *диоптрия* м-н туюнтулат.

КӨЗ БООЧУ (фокусчу, иллюзионист) – көрүүчүнүн көңүлүн алаксытып, чыныгы нерсени бурмалап ишендирүүгө машыккан эстрада ж-а цирк артисти. Ар кандай буюмдарды көз көрүнөө жок кылып же жоктон бар кылып, «тан каларлык» кубулуштардын пайда болуусуна ишендирүү үчүн алар көбүнчө байкалбаган кыймыл-аракет жасап, айрым учурда татаал аппараттарды ж-а механизмдерди пайдаланышат. К. б-лардын айрым номерлери химия, физика заңдорунун жардамы м-н көптөгөн адам, айбанат катышкан театрлашкан программа түрүндө да көрсөтүлөт. Көрүнүктүү орус К. б-лары: Э. Кио, А. Аколпян, Кырг-нда Ф. Мукушева.

КӨЗДҮ АК БАСУУ, л е й к о м а – көздүн тунук чел кабыгынын чеч басып бозорушу. Чеч тунук бездин ортосун, чет жагын басат, кээде бүт капталат калат. Ал чел кабыктын сезгенүү оорулары же кырсыктан жабыркашынан пайда болот. Тубаса түрү да кездешет. Көз күйгөндө одуракай чеч басып, көздүн көрүүсүн абдан начарлатат. Ал эми көз кырсыктан майып болсо ж-а жарага айланып кетсе, көздүн оң берүүчү катмары бул чеч м-н биригип, жабыркашы мүмкүн. Бул учурда көз көрбөй ж-а көздүн ички басымы жогорулап, *глаукомага* алып келет. Дарылоо хирург. жол м-н жүргүзүлөт. Алдын алуу үчүн күйүк, кокустатуу ж. б-дан көздүн майып болуусунан сактануу керек.

КӨЗ ИРМЕМДЕ ЖАРДЫРУУ – жарылуучу заттардын заряддарынын бир нече тобун бир убак-

та өтө тез жардыруу. Ал көз ирмемде аракетке келүүчү электр дүрмөтүнүн жардамы м-н жардырылат. Айрым учурда дүрмөт жиби колдонулат. Тоо тектерин жардыруу аракети, күчү, кубаты, натыйжалуулугу кескин ж-а жай жардырууга караганда төмөн болот. Негизинен согуу толкунунун таасир этүүчү узатасынан созулуп жаткан чөйрөдө жүрүп, казмалардын турпатын сактап, үнкүр казууда, эки тараптап жүргүзүлүүчү жардыруруларда колдонулат.

КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫК (саясий) – бир өлкөнүн экинчи өлкөгө, социалдык ин-ттарга баш ийбестиги, өз алдынчалыгы, эгемендүүлүгү. К. коомдук саясат, бийлик, идеология, укук, мад-т, экономика, социалдык жактан эркин болууну камтыйт. К. абс. эмес, салыштырмалуу түшүнүк, демокр. (бүткүл элдик добуш берүү) же шайлоо аркылуу конституцияда бекитилет. К. ж-дөгү идея адегенде 15-к-да Батыш Европада пайда болуп, кийин ал мамл. ж-а эл аралык укуктук документтерде кеңири чагылдырылган. Анын эң башкысы 1966-ж. кабыл алынган жарандык ж-а саясий укуктар ж-дөгү эл аралык акт болуп саналат. Анда дүйнөдөгү ар бир улуттун эгемендүү укугу көрсөтүлүп, элдин өз эрки м-н социалдык ж-а саясий түзүлүштү тандап алуу укугу бекемделген. КРдин К. к-дыкка ээ болуу процесси 1990-ж. 15-декабрда Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү» декларациясын кабыл алышы м-н Кырг-н жалпы союздук органдардын контролунан бошоп, бардык бийликти өз колуна алган (к. *Кыргыз Республикасы*).

Т. Эсенгелдиев.

КӨЗ КАРАНДЫ ЭМЕС МАМЛЕКЕТТЕРДИН ШЕРИКТЕШТИГИ, к. *КМШ.*

КӨЗ ООРУЛАРЫ – көз алмасы, көз чарасы ж-а анын жапкагы, коньюнктивалары көздүн ж. б. бөлүктөрүнүн оорулары. Алар тубаса, кийин пайда болгон, жугуштуу (коньюнктивит, трахома, блефарит), жугушсуз, катуу кармаган ж-а өнөкөт болуп бөлүнөт. Бир же эки көз тең оорушу мүмкүн. Ал жалпы организмдин ооруларынан, мис., инфекциялык (*туберкулёз, котон жара, кызыл жүгүрүк, кептоор, келте* ж. б.), мителик, эндокриндик, кан тамыр, борб. нерв системасынын оорууларынан ж-а түрдүү шишиктерден (менингит, мээ шишиктери) ж. б. болушу мүмкүн. Улгайган адамда чечекей тунарып, *катаракта* пайда болот. Көз суюктугунун айланышы бузулганда ички басым көтөрүлүп, *глаукомага* алып келет. Көздүн бузулушу көбүнчө ички орган же системалардын кандайдыр бир оорусу м-н байланыштуу (эндогендик). Борб. ж-а четки нерв, жүрөк-кан тамыр системаларынын оорусунда, ууланууда, зат алмашуу, *ички секреция бездери* бузулганда ж. б. учурларда көздө өзгөрүү байкалат. Бул оорууларды өз учурунда дарылоо К. о-нан сактайт. Оорунун пайда кылуучу экзогендик себептерге жугуштуу козгогучтардын көзгө түшүшү, мех. кокустатуу, хим. (к-та, щелочтор) ж-а физ. (темп-ра, жарык, радиоактивдүү нурлар) факторлор кирет. Көз жабыркаганда айрыкча склерукома, оор травма, күйүк, көрүү нервинин атрофиясы, *трахома* ж. б. *сокурлукка* алып келиши мүмкүн. Алдын алууда жеке тазалыкты сактоо, организмди ар кандай оорулардан коргоо, көрүү начарлай баштаса, врачка кайрылуу зарыл. Өз убагында мед. жардам көрсөтүлө, оорунун күчөшүнө, кабылдоосуна жол бербейт.

КӨЗ ӨЛЧӨӨ СЪЁМКАСЫ – жер бетинин түзүлүшүн жөнөкөй курал-жабдыктар, аспаптар м-н кагазга түшүрүү. Мында чийме чие турган кагаз (тактага бекитилген планшет), компас, визирлүү сызгыч колдонулат. Жер бетинин түзүлүшү кагазга чийме түрүндө түшүрүлөт. Аралык, кадам өлчөгүч, спидометр же көз болжолу м-н, багытты компастын жардамы м-н аныкталат. Визирлүү сызгычты багыт б-ча коюп, аралык чекит м-н белгиленет. Кээ бир элементтер эки же үч кесилүүчү сызыктар м-н аныкталат. Экинчи чекит мурдагы биринчи чекит б-ча такталат. Шарттуу белгилер, масштаб берилет.

КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮК – жетим (кароосуз) калган бала-бакыра, багар-көрөөрү жок оорулуу, карыган кишилерди багуу, таалим-тарбия берип, камкорлукка алууга арналган атайы укук. Жашы жете элек балдарды К-кө алуу элге билим берүү бөлүмдөрүнүн бирине жүктөлүп, ага жашы жеткен, жоопкерчиликке жарамдуу адам гана дайындалат. Ал көзөмөлгө (кароого) алынган кишинин атынан документти күбөлөндүрүү, келишим түзүү, турак жай алмаштыруу, менчиктен баш тартуу сыяктуу ж. б. иш-чараларга көзөмөл жасайт. Эгер көзөмөлгө (кароого) алынган кишини (баланы) бирөө асырап алса (өз үйбүлөсүнө кайтарылып берилсе), К. милдет өз күчүн жоготот. Ал эми өз милдетин талаптагыдай аткарбаса, андан четтетилип, эгер милдетин өз мүдөөсү үчүн пайдаланса, анда К. милдет аткаруучу кылмыш жообуна тартылышы мүмкүн.

КӨЗ ТАҢМАЙ – баамчылдыкты, шамдагайлыкты талап кылган балдар оюну. Оюндун шарты б-ча бир баланын көзүн таңып, ортого коё берет. Тегеректеген балдар көзү таңылуу баладан качат, бирок белгиленген чектен (чийимден) чыкпайт. Көзү таңылуу бала балдардын добушунан баамдап, бирөөнү кармоого аракеттенет. Ким кармалса, ошонун көзү таңылат да, оюн андан ары улантылат.

КӨЗ ТИЙҮҮ – кыргыздын салттуу түшүнүктөрүнүн бири. Элдик ишеним б-ча кээ бир адамдардын көзүнө туш болгон адам, жаныбар ооруйт, жакшы буюм сынат, бүлүнөт. Өзгөчө жаман көз наристеге, сулуу кыз-келиндерге, баатырга, күлүк атка, алгыр кушка тиет деп эсептешип, буларды элге көрсөтпөөгө аракет кылышкан. Көз тийгизбөө үчүн наристенин бетине көө сүйкөп, көзгө урунбай турган начар кийимдерди кийгизип, адамды иренжите тургандай ысым м-н атоо сыяктуу ар кандай ырымдарды жасашкан.

КӨЙКАП – Борб. Теңир-Тоодогу суу, Сары-Жаздын сол куймасы. Ак-Суу р-нунда. Уз. 33 *км*, алабынын аянты 307 *км*², деңиз деңг. бийикт. 3200 *м*. Какшаал-Тоо тизмегиндеги Көйкап мөңгүсүнөн башталып, Сары-Жазга куят. Алабы мөңгүлүү. Негизинен мөңгү ж-а кар сууларынан куралат. Ири к[illegible]малары: Сары-Төр, Карагайлуу, Май-Баш, Сантор (он). Жылдык орт. чыгымы 5 *м*³/*сек*, көбү июнь–июлда, эң азы январь–февралда.

КӨЙКАП МӨҢҮСҮ – Борб. Теңир-Тоодогу бутактанган өрөөн түбүндөгү мөңгү. Какшаал кырка тоосуна Кайыңды кырка тоосу тутумдашкан жерде, Теректи өрөөнүнүн төрүндө жайгашкан. Уз. 12,9 *км*. Альпинист мөңгүсүнөн жогорку бөлүгү 1,6 *км*, туурасы 1,0 *км*, Аянты 13,4 *км*². Калыңдыгы 150–180 *м*. Мөңгүнүн башы деңиз деңг. 5890 *м*, этеги 3380 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4100 *м*. Абляциясынын аянты 4,8 *км*². Куралуу аймагы түштүгүнөн Боз-Кыр, чыгышынан Эңилчек, түндүгүнөн Кайыңды кырка тоолору м-н курчалат. Фирн бассейни кенен төрдө жайгашкан. Кайкы аркылуу *Комсомол мөңгүсү* м-н туташат. Мөңгүнүн томонку бөлүгүндө жаракалар көп. Сол капталдан жүргөн кар көчкүлөр жаракаларды жаап турат. Мөңгүнү алгач 1902- ж-а 1903-ж. немис географы Г. Мерцбахер картага түшүргөн. Этеги шагыл таштар м-н корумдалган (1,5 *км*²дей жери). Мөңгүдөн Теректи суусу башталат. Мөңгү тартылууда. Мезгили м-н алдыга жылып кетүүчү мөңгүлөргө кирет.

КӨЙКАП ӨРӨӨНҮ Борб. Теңир-Тоодо. Кайыңды ж-а Май-Баш тоолорунан Сары-Жаздын өрөөнүнө чейин чыгыштан батышка кеңдик б-ча 45 *км* аралыкка созулуп жатат. Ак-Суу р-нунда. Эң жазы жери 20 *км*, кууш жери 1–2 *км*. Аянты 532 *км*². Орт. бийикт. 2930 *м*. Өрөөндүн таманы тепши сымал бир аз кенейип, байыркы мөңгүлөрдүн издери сакталган эки айрыкка (түндүгүндө Теректи, түштүгүндө Май-Баш) болүнөт. Сары-Жаздан айрыкка чейинки бөлүгүнүн таманы 10 *м*, бийикт. 30–35 *м* келген *шакшаар (каньон)*. Нуктун сол жээгинде – тектириниң үстүндө чоң, орто, чакан айдоо аныздары бар. Теректинин тектиринде палеоген неоген тектеринен тургузулган күмбөз турат. Негизинен интрузия ж-а палеозойдун аягында пайда болгон чөкмө тоо тектерден түзүлгөн. Өрөөндүн аянтынын 72,4 *км*²ин мөңгү ээлейт. Өсүмдүктөрү ж-а топурагы бийиктик алкактуулук б-ча өзгөрөт. Таманын кургак талаа (2000 *м*ге чейин), андан жогору токой (карагат, карагай, арча ж. б.), шалбаалуу талаа (2000–2700 *м* бийикте), субальп (2700–2900 *м*), альп (2900–3200 *м*) шалбаасы, гляциалдык-нивалдык (3100 *м*ден жогору) ландшафт алкактары ээлейт. Негизинен кышкы жайыт катары пайдаланылат. Экол. абалы таза.

КӨЙНӨК – күрмө, кемсел сыяктуу сырт кийимдердин ичинен кийилүүчү жалаңкат кийим. К. байыркы замандарда адам денесин ысык-сууктан коргоо максатында пайда болуп, барабара гигиеналык ж-а эстетикалык маанеге ээ болгон. Адамдын жашы ж-а коомдук дөөлөтү өзгөргөн сайын кийинүү каадасы да жаңыланып, жакшырып, татаалдаша баштаган. Илгери кыргызда эркектики да, аялдыкы да, баланыкы да жалпы жонунан К. деп аталып, көчмөн турмуш шартына ылайык кең тигилген ж-а көбүнчө жылаңач этке эле кийилген. Эркек К-түн кеңири таралган түрү ачык К. же жегде деп аталган. Ал бөздөн, матадан өнүрү, учасы, жеңи м-н кошо кенен бычылып, капталдарына кыйык салынган. Түштүктө жашагандар ачык, түндүктөгүлөр кайырма жакалуу К-төрдү кийишкен. Узундугу тизеден томонуроок келип, жеңи манжаларга жеткен. Жакасы эшилген боолор, топчулар м-н бүчүлөнгөн. К-түн этегин шымга салбастан, жай коюп, белбоо курчанышкан. Аял К. кенен, этеги узун тигилип, капталына кыйык салынып, жендери ийинге тик бириктирилген. Жакалары эки түрдө бычылган. Эң эски К-төрдүн жакасы ийинден ийинге чейин узатасынан бычылганы туура жака К. делген. Ал эки ийинден шоона же топчу м-н бүчүлөнгөн. Жаканын бул байыркы түрү балдардын кийимдеринде сакталып калган. К-түн экинчи түрүнүн жакасы узатасынан ж-а көкүрөктөн ылдый бычылып, узун жакалуу К. деп аталып, Кырг-ндын бардык аймактарында кеңири тараган. Анын көкүрөгүнөн сайма м-н өнүр чыгарышкан. 19-к-дын аягында көкүрөктөн ылдый бычылган тик жакалуу, топчу м-н бүчүлөнгөн, этегине бир же эки кош этек салынган К-түн пайда болушу м-н өнүр биротоло жоюлган. Кийинчерээк, Кырг-ндын түн. тарабында көкүрөк жагы м-н этек жагы эки бөлөк бычылып, бели, жеңинин учу, этеги (эки-үч ирет) бүйрүлүп тигилген К. кийиле баштаган. 20-к-дын башынан ийни кыйгач бычылып, жакасы кайырма, этеги кыска, көкүрөгү бүйүрмолонуп, жеңи ийнине ашталып тигилген К-тор тарала баштаган. Кыз-келиндерге кызыл-тазыл, улгайгандарга күңүрт же ак түстүү мүнөздүү болгон. Улгайган аялдардын эскиче бычылып тигилген К-төрү айыл-кыштакта азыр деле кийилет. Азыр көбүнчө дүйнөлүк модага багытталган заманбап формадагы көйнөктөрдү кийишет.

КӨК-АЙГЫР КӨРҮСТӨНҮ – неолит дооруна (б. з. ч. 6–5-миң жылдык) таандык археол. эстелик. Чатыр-Колдун чыгыш тарабында, Көк-Айгыр суусунун тектиринде жайгашкан. 1963-ж.

Кыргыз ССР ИАнын Геология ин-тунун Нарын отряды (жетекчиси Ш. А. Кыдыров) ачып, окумуштуулар М. Б. Юнусалиев, В. А. Рановдор изилдеген. 2007-ж. кошумча археол. изилдөөлөр (археологдор К. Табалдиев, А. Абыканова) жүргүзүлүп, неолит дооруна чейинки мезолиттик таш куралдар ж-а таш чабындылары табылган. Таш куралдар көбүнчө кызгылтым оттук таш тегинен жасалган. Чогултулган коллекция Кошой-Коргон музейине жайгаштырылган. К.-А. к. археол. изилдөө үчүн келечектүү эстелик болуп саналат.

КӨК-АЛА – Чаткал кырка тоосунун түш.-чыгыш капталындагы көл. Ала-Бука р-нунда. Каба-Сай суусунун төрүнөн орун алган. Аянты 0,84 *км*², терендиги 100–130 *м*. Көл чанагы деңиз деңг. 2606 *м* бийикте жатат. Гравитациялык жер көчкүнүн өрөөндү бөгөп калышынан пайда болгон. Жээктери зоокалуу, тик. Суусунун темп-расы 19,5–21°Сге жетет. Ноябрда тоңуп, май айында муздан арылат. Көлгө бир нече агын суу куюп, суунун бир аз бөлүгү бөгөттүн астынан сарыгып агып чыгат.

КӨК-АЛМА – Жалал-Абад обл-нун Базар-Коргон р-ундагы жердин ж-а Талды-Булак айыл округуна караштуу кыштактардын жалпы аты. Табигый жаңгак–мөмө-жемиш токоюнун тилкесинде жайгашкан. Көк-Алма токойчулугунун аймагында, кокту-колоттордо, бири-бирине обочолонуп, деңиз деңг. 1120 *м* бийикте жайгашкан – Кара-Өйүз, Эренче, Мазар, Магал айылдарынан турат. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 60 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 90 *км*. Бул айылдар Бабаш-Ата кырка тоосунун түн. тармагы – Айры-Таш тоосунун түш.-чыгыш капталындагы жапайы жаңгак-жемиш токойлуу аймакта жайгашкан. Аймактын табияты кооз, климаты жагымдуу, жер ортолук деңиздик климат сымал. Кышы мелүүн суук (январдын орт. темп-расы –3°Сден –10°Сге чейин), жайы мелүүн ысык, серүүн, жайкы абанын темп-расы Фергана ойдунунукуна караганда орто эсеп м-н 10°Сге томон болот; жаан-чачын арбын (жылына 1000 *мм* ж-а андан көп) жаайт. Калкы 2270 (2007). Айдоо жери 79 *га* (а. и. сугат жери 13 *га*, кайрак жери 66 *га*), калган жерин чабынды (6 *га*), жайыт (540 *га*), көп бөлүгүн жапайы жаңгак-жемиш токою (148 *га*) ээлейт. Калкы негизинен токойчулук (жаңгак, алма, алча ж. б. мөмө-жемиштерди жыйнашат), дыйканчылык (тамеки, май алынуучу өсүмдүктөр, нокот ж. б. эгишет), о. эле мал асырайт. Орто мектеп, китепкана, ФАП ж. б. бар. Кичи ишканалар, турмуш-тиричилик кызматынын болүмдөрү, соода жайлары иштейт. Жердин атынын биринчи – «көк» компоненти топонимдерди изилдөөчүлөрдүн пикири б-ча иран тилдеринин «кух» деген сөзүнөн пайда болгон: «кух» – «тоо» деген мааниде; ага ылайык «Көк-Алма» – «тоо алмасы» деген маанини билдирет. *Ө. Бараталиев.*

КӨК-АРГЫН, Көк-Айгыр – Ат-Башы р-нунун аймагы аркылуу аккан суу. Ат-Башы кырка тоосунун түш. капталынан башталып, Чатыр-Көлгө куят. Уз. 43 *км*, алабынын аянты 378 *км*². Башталышында капчыгай аркылуу түш.-чыгышты карай, Көк-Аргын кыштоосунда саздуу өрөөн м-н батыш тарапка агат. Өзү имерилиштүү. Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 2,68 *м*³/*сек*. Эң чоң чыгымы июлда, эң азы январда байкалат. Май айында кире баштап, сентябрда тартылат. Ири куймалары: Бала-Көк-Аргын (18 *км*), Корум-Суу (14 *км*), Ак-Таш (10 *км*).

КӨК БАЗИН (Gentiana) – өсүмдүктөрдүн көк базиндер тукумунун уруусу. Бир, көп жылдык өсүмдүк, айрымдары чала бадал. Сабагы түз, тик өсөт, түксүз. Жалбырагы сапсыз, сабакка түшташ жайгашкан, жээги тегиз, сүйрү же ланцеттей, уз. 5–10 *мм*. Гүлү 4–5 мүчөлүү, желекчелери биригип өсүп, түтүкчөнү түзөт, түсү көк, кээде сары. 400гө жакын түрү жер шарынын бардык аймагында, негизинен Түн. жарым шарда кездешет. Кырг-нда 17 түрү боксо тоодон бийик тоонун нымдуу жериндеги бийик ж-а жапыз чөптүү шалбаада, боздондо, озондо, токой арасында ж-а саздa өсөт. Айрымдарынын (сары К. б. ж. б.) дарылык касиети бар. Кээ бир түрлөрү арак-шарап чыгарууда пайдаланылат. Бийик сабактуу К. б. кооздук үчүн гүлзарда өстүрүлөт.



КӨК БАЗИНДЕР (Gentianaclal) – өсүмдүктөрдүн эки үлүштүүлөр классынын тукуму. Көпчүлүгү бир, көп жылдык чөп. Сабагы түз, тик жайгашкан. Жалбырагынын жээги тегиз, сабакка тегеректешип же түшташ өсөт. Гүлү сабактын учунда же жалбырак колтугунда бирден же топ гүлдү пайда кылат, түсү ак, сары, көк, кызгылткөк. Алар эки жыныстуу, туура түзүлүштүү, 4–5 (6–12) мүчөлүү, үстүнкү энеликтүү. Мөмөсү – көп уруктуу кутуча. 70тен ашуун уруусунун түрү мелүүн ж-а субтропик зоналарын тоолуу аймактарында кездешет. Кырг-нда К. б-дин 5 уруусу кирген 7 түрү боксо ж-а өтө бийик тоо шалбаасында, нымдуу боздондо, саздa, булак, суу ж-а көл жээгинде өсөт. К. б-дин бардык түрүндө ачуу гликозиддер бар, ошондуктан дары-дармек жасоодо кеңири колдонулат. Айрым түрү гүлзарда өстүрүлөт.

КӨК-БЕЛ – Ош обл-нун Ноокат р-ундагы кыштак. Көк-Бел айыл округуна караштуу. Ноокат – Папан автомобиль жолунун жээгинде, № 44-жылкы з-дунун аймагында, деңиз деңг. 1640 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ноокат ш-нан 32 *км* чыгыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 87 *км*. Калкы 5385 (2007); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар. Турмуш-тиричилик кызматынын болүмдөрү ж-а соода жайлары иштейт. К. б-де эгемен Кыргыз Респ-нын биринчи премьер-министри *Н. Исанов* туулган.

КӨК-БЕЛЕС КӨҢҮЛ КЕНИ Баткен р-нунда, Калай-Макмуд суусунун башатында, деңиз деңг. 3300–3500 *м* бийикте. 1991-ж. табылган. Кен корунд, шпинель, клиногумит, графит, слюда, рутил, сфен ж. б. минералдар м-н минералдашкан мрамордун эндоконтактында, силур–девондун кристаллдуу сланецтери м-н кошулган жеринде жайгашкан. Кен Түн., Борб. ж-а Түш. участкаларга бөлүнгөн. Алардын ичинен эң маанилүүсү – Түн. ж-а Борб. участкалар. Кызгылт корунд минералдуу аймактын өлчөмү 80×10 *м*ден 500×10 *м*ге чейин жетип, линза, уя түрүндө кезигет. Кристаллдардын өлчөмү 2,5×2×1 *мм*ден 20×18×12 *мм*ге чейин. Болжолдуу ресурсу 55,6 *кг*.

КӨК-БЕЛЕС МӨҢГҮСҮ – Түркстан кырка тоосунун чыгыш болүгүнүн түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Сох суусунун сол куймасы – Калай-Махмуддун алабында. Уз. 5,6 *км*, аянты 3,2 *км*², абляциясынын аянты 1,5 *км*². Мөңгүнүн башы деңиз деңг. 5080 *м*, этеги 3120 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4100 *м*. Мөңгүдөн Калаймахмуд суусунун сол куймасы башталат.

КӨК БООР – омурткалуу жаныбарлардын ж-а адамдын ич көндөйүндөгү жалкы орган. Ал ич көндөйүндө сол жак сүбөөнүн алдында жайгашат. Кызыл ж-а ак пульпадан турган тыгыз капсула. Кишинин К. б-нун салмагы 150–200 *г*. Кызыл пульпа кандын формалуу элементтери, негизинен эритроциттер м-н толгон; ак пульпа лимфа тканынан пайда болуп, лимфоциттерди иштеп чыгарат. К. б. кан пайда кылууга ж-а жонго салууга катышат; бузулган эритроциттер, микроорганизмдер ж. б. канга түшкөн бөтөн заттарды кармап, коргоо функциясын аткарат. Андан сырткары К. б. кан ж-а гемоглобин резервуары болуп эсептелет. Организмде кандын формалуу элементтеринин тынымсыз бузулуп турат, ошондуктан кан пайда кылуучу органдардын негизги функциясы – кандын клеткалуу элемейттерин үзгүлтүксүз толуктап туруу.

КӨК БӨРҮ, улак тартыш – улуттук оюн, *ат спортунун* бир түрү. К. б. Борб. Азияда илгертен эле ойнолуп келген. Мурда оюнга 10–15 жаштагы балдар да кунан минип катышкан. Оюнчулардын саны чектелген эмес, оюнга калысты өздөрү шайлашкан. «К. б.» терминининн келип чыгышы күчкө толуп турган жигиттер кадимки эле бөрүнү чаап алып, талашып-тартышып ойногондугу м-н байланыштуу. Тажиктерде ж-а түш. кыргыздар улактын ордуна торпок тартышып, мелдеш өткөрүшөт. Учурда жаны эрежеге ылайык атчан эки жааттын ортосунда өткөрүлөт. Ар бир жааттын максаты –мууздалып, баш-шыйрагы кесилип, жерге ташталган улакты эңип алып, атаандаштарына тарттырбай «тай казанга» таштоо. Мелдеш эрежеси б-ча 18 жаштан ашкан, атта мыкты жүргөн, карылуу, шамдагай жигиттер шым, көйнөк, өтүк ж-а баш кийимчен катышат. Кыргыз Респнын «Көк бөрү» федерациясы тарабынан түзүлгөн кийинки эреже б-ча команда 4 улакчыдан турат. Улак тартылуучу талаанын жери тегиз, жумшак келип, туурасы 150–200 *м*, уз. 300–400 *м* болушу керек. Аянттын ортосунда диаметри 10 *м* келген айлана болот. Ар бир тайм ушул айланадан башталат. Аянттын эки жагында диаметри 5 *м* келген «тай казан» орнотулат. Улакчылар улакты «тай казандын» ичине таштоосу керек. Эгер улак «тай казанга» жет-



пей же ашыра ташталса, калыс оюнду токтотот. Улакты аянттын борборунан 25 *м* аралыктагы чиймеге таштап, оюн кайрадан улантылат. Оюн 20 *мүнөт* 3 тайм болот. Улактын салмагы 30–40 *кг*дан аспоосу керек. Оюнда жерге ташталган улакты эңип алууга, улакты атаандаштарынан тартып алууга, оңөгүнө бере салууга, такымга басууга, колунда алып жүрүүгө, ээрге өнөрүүгө, аттын капталында же астында кармап жүрүүгө, оюнчуларга жардамдашууга уруксат берилет. Атаандаш оюнчунун атынын тизгининен кармоого, жүгөнүн шыпырып алууга, үзөнгүсүн чечүүгө, камчы м-н атты башка чабууга, чаап келаткан улакчынын алдын тороого, улакты ээрге байлоого, согүнүүгө, урушууга тыюу салынат. К. б. 1950-жылдан бүткүл союздук ат спортунун программасына киргизилип, мелдештерде Кырг-ндын командасы бир нече жолу жеңишке ээ болгон. Ал учурда К. б. б-ча 3 разряд гана белгиленген. 2001-жылдан

«спорт чебери», «эл аралык спорт чебери» наамдары да берилет. К. б. б-ча «Кыргыз Республикасынын Президентинин кубогуна» мелдеш өткөрүлөт.

КӨК БУУРЧАК – жашылча буурчагынын жакшыртылган сортунун даны. Жаңы кезинде же консерваланган түрдө тамак-ашка пайдаланылат. Консервалануучу буурчакта орт. 16–22% кургак зат, а. и. 5–8% кант, 3–7% крахмал, 4–7% азоттуу заттар, 1,5% минерал туздар, 20–40 *мг* % С витамини, каротин ж-а В витаминдери болот. Консерва сырьёсу катары пайдаланууучу К. б. дүмбүл кезинде орулат, данынын формасы б-ча ал жылма дандуу, бырыш дандуу ж. б. болуп бөлүнөт. Бырыш дандуу К. б-тын сабагы анча узун эмес, текши гүлдөп, текши бышат. Сабагы силостолуп, даны консерва з-дуна жиберилет.

КӨК-ДӨБӨ – Талас обл-нун Манас р-ндагы кыштак. Кыргызстан айыл округуна караштуу. Кызыл-Адыр тоосунун этегинде, деңиз деңг. 700 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Покровка кыш-нан 20 *км* батыш тарапта. Жамбыл т. ж. бекетинен (Казакстан) 30 *км*. Кыштак 1939-ж. негизделген. Калкы 1001 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, медпункт бар. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КӨК-ДӨБӨ – Ысык-Көл р-ндагы кыштак. Н. Я. Ананьев атн. айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1802 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Чолпон-Ата ш-нан 55 *км* чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 135 *км*. Калкы 900 (2009); негизинен мал асырашат. Орто мектеп, китепкана, клуб ж-а ФАП бар.

КӨК-ДӨБӨ АНДАЛУЗИТ КЕНИ Чүй р-нунда, Ысык-Ата кыш-нан 45 *км* аралыкта, деңиз деңг. 2390–2470 *м* бийикте жайгашкан. 1962-ж. табылган. Андалузит 20–25%. 1,5 *км*ге созулуп, калыңдыгы 100 *м* ж-а 21 *м*. Кварц-андалузит-мусковиттүү сланецтин эки кабаты көк-мойнок свитасында жатат. Глинозём 11,0% тен 16,89%ке чейин өзгөрөт. Болжолдуу ресурсу 100 *м* терендикке чейин 45 млн тга жакын. Ирген карапа о. ж-на керектүү андалузиттик агрегат алууга болот.

КӨК-ЖАЙЫК – Ысык-Көл ойдуңундагы кооз жер. Жети-Өгүз суусунун ортонку агымында жайгашкан. Жети-Өгүз р-нунун аймагында. Таманынын уз. 3 *км*, туурасы 1 *км*дей. К.-Ж. Тескей Ала-Тоонун бийик болүгү м-н орто бийиктеги Көк-Бел тоосунун ортосунда кендик багытында созулуп жаткан байыркы өрөөндүн бир бөлүгүн ээлейт. Жети-Өгүз өрөөнүнүн тегиз ж-а жайык бөлүгү. Өрөөн аркылуу *Жети-Өгүз* суусу агып өтөт. Таманы жантайма (5–10°) түздүк, асты палеогендин кызыл түстүү тектерине, үстү байыркы морейаларга, флювиогляциалдык



Көк-Жайык өрөөнү.

чөкмөлөргө, о. эле аллювий-пролювий тектерине толгон. К.-Ж-тын башы (түш.-чыгыш тарабы) байыркы өрөөн моңгүсү жаткан тепши сымал өрөөн, түндүгүндө Көк-Бел тоосун Жети-Өгүз суусу кесип өтүшүнөн пайда болгон антецедентик кууш капчыгайга өтөт. Өрөөндүн капталдарына кыска кокту, сайлар мүнөздүү. Климаты мелүүн континенттик; июлдун орт. темп-расы 13°С, январдыкы −7,5°С. К.-Ж. шиберлүү ж-а токойлуу (карагай, бадалдуу) кооз ландшафты м-н өзгөчөлөнөт. Маанилүү жайкы жайыт. Эс алууга ыңгайлуу. Мында малчылардын майрамы, улуттук оюндар өткөрүлүп турат. Жайкы туризм өнүккөн. К.-Ж. формасы жагынан чыгыш жагы ачык табигый стадион сыяктуу жер. Түш. ж-а батыш капталдары калың карагайлуу токой, түндүгү кызыл аскалар, ортосу көк шибердүү түздүк. Кийинки жылдарда түз жерлерге карагай отургузулуп, табигый кооздук бузулган. Түн. жагынан К.-Ж-ка келатканда «жарылган жүрөк» деген кооз кызыл аска көрүнөт. Өрөөнгө автомобиль жолу жетет. К.-Ж-тан 4–5 *км* төмөнүрөөк «Жети-Өгүз» курорту жайгашкан.

Ад.: *Маречек Б. Р.* Туристические маршруты по Северу Киргизии. Ф., 1981; *Мильков Ф. Н.* Физическая география. Учение о ландшафте и географическая зональность. М., 1986; Кыргыз жергеси. Ф., 1990; *Касымова В. М.* Вода, энергия, экология. Б., 2000.

КӨК ЖАЛ (Hyaenidae) – жырткыч сүт эмүүчүлөр тукуму. Сырткы кебетеси карышкырга окшоп кетет. Дене уз. 55–165 *см*. Алдынкы буттары арткысынан узун болгондуктан, алды жагы арт жагынан бийик, моюну жоон, башы чоң, тиштери ири. Буттары 4 манжалуу, куйругу кыска, саксагай, денеси кылкандуу жүн м-н капталган боз же күрөң түстө, каралжын темгилдери бар. Көпчүлүгүнүн моюну м-н жонунда жалы болот. 3 уруусу, 4 түрү Африка, Түш.-Бат. ж-а О. Азияда жолугат. Көбүнчө чөл, жарым чөлдө жашап, түнкүсүн активдүү. Жалгыз же түгөйү м-н жүрөт. Жылына 1 жолу 2–4, кээде 6 күчүк тууйт. Ири

тарп м-н азыктанат. Майда туяктууларга кол салат. 1 түрү ж-а 1 түрчөсү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

КӨК-ЖАҢГАК («көк» иран тилдеринде «кух» – тоо дегенден; тоо жаңгагы) – Жалал-Абад обл-ндагы шаар (1943-жылдан), т. ж. бекети. Сузак р-нунун аймагында. Шаар Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш этегинде, Коргон-Таш (Когарттын сол куйма.ы) суусунун боюнда, Сөөгүн-Добого жакын, деңиз деңг. 1350–1590 *м* бийикте жайгашкан. Өзүнүстүн борбору Жалал-Абад ш-нан 30 *км* түш.-чыгыш тарапта. Шаар жайгашкан аймактын рельефи тоолуу, жаңгак-жемиш токойлуу. Кышы суук, кумшак (январдын орт. температурасы −10°Сге чейин), жайы салкын (июлдуку 20°С). Жаан-чачындын жылдык орт. өлчөмү 450 *мм*, көбүнчө кыш ж-а жаз айларында жаайт. Калкы 16,5 мин (2009); көп улуттуу: негизинен кыргыздар, о. эле орус, өзбек, татар, курд ж. б. улут өкүлдөрү да жашайт.

К.-Ж. кыштак катары 1896-ж. негизделген. Анын эски калдыктары шаардын түш.-батыш тарабында (4–5 *км* аралыкта) тоонун этегинде сакталган. Көмүр 1910-жылдан казылып алына баштаган. 1931-ж. Багыш – Көк-Жаңгак т. ж. курулган. 1932-ж. «Көк-Жаңгак көмүр» кен башкармасы уюшулуп, анда алгачкы жолу план б-ча 160,5 мин *т*, ал эми 1970-ж. 724 мин *т* көмүр казылып алынган.

Шаарда Таш-Көмүр шахтасы, кийим тигүү цехтери (1968-ж. фабрика), «Жетиген» (1972-ж. ишке киргизилген «Профиль» з-ду), «Коргон-Таш», «Тулпар» АК, «Гүлазык» нан з-ду, банк, байланыш түйүнү, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, басмакана, дүкөн, ашкана, чайкана, ресторан ж. б. иштейт. Шаардын экон. байланыштары темир ж-а автомобиль жолдору аркылуу жүргүзүлөт. К.-Ж. автобекети 1979-ж. курулган. Шаарда кесиптик-тех. лицей, 5 орто, муз. ж-а спорт мектептери, шаардык китепкана, оорукана (1935-жылдан иштейт), 4 бала бакча, бейтапкана, дарыкана, тез жардам берүү бөлүмү (1934), музей (1985), мад-т үйү, кинотеатр ж. б. мекемелери бар. Совет бийлигин орнотууда ж-а Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Шаардык «Көк-Жаңгак кабарлары» гезити чыгат.

КӨК-ЖАҢГАК ГИПС КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нунда, Көк-Жаңгак ш-нын түш. тарабында, Акман тоосунда жайгашкан. 1926-ж. табылып, 1952-ж. изилденген. Кен аймагын палеоген мезгилинде пайда болгон кумдук, чопо, алевролит, аргиллит, доломит тектери түзөт. Пайдалуу катмар чопонун арасында массивдүү ак гипстен турат. Калыңдыгы 90–95 *м*. Гипстен кооз буюмдарды жасоого болот. Запасы C_1 категориясы б-ча 403 мин $м^3$.

КӨК-ЖАҢГАК КӨМҮР КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нунда, Көк-Жаңгак ш-нын түш. тарабында, Фергана тоо тизмегинин батыш этегинде, Когарт ж-а Чангет-Суу өрөөндөрүнүн аралыгындагы Сөөгүн-Добо тоосунда жайгашкан. Кен 19-к-дын аягынан бери белгилүү. 1896-ж. көмүр казып алына баштаган. Геол. издөө ж-а чалгындоо иштери 1928-жылдан 1986-ж. чейин мезгил-мезгили м-н жүргүзүлгөн. Кен Түн. ж-а Түш. аянтка бөлүнгөн. Көмүрлүү көк-жаңгак свитасында 13 кабат бар. Булардын ичинен «5», «6», «6+5», «Калың» кабаттары, Маркай участкасында «5+6», «Калың», «Төмөнкү» кабаттары өнөр жайлык мааниге ээ. Кабаттардын калыңдыгы 0,26 *м*ден 15,37 *м*ге чейин өзгөрөт. Сапаты б-ча узун жалындуу таш көмүр (Д) маркасына кирет. Көмүрдүн күлдүүлүгү 12,44% тен 22,5%ке чейин, күйүү жылуулугу 27,1 *МДж/кг*дан (6474 *ккал/кг*) 32,5 *МДж/кг*га (7764 *ккал/кг*) чейин өзгөрөт. 1997-жылга карата баланстагы запасы $A+B+C_1$ категориясы б-ча 44 млн *т*.

КӨК-ЖАҢГАК ЧОПО КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нунда, Курган-Таш суусунун оң жээгинде, Көк-Жаңгак т. ж. бекетинен 0,6 *км* түндүктө, кыш з-дунун жанында, деңиз деңг. 1310–1368 *м* бийикте. 1953-ж. чалгындалган. Кендин уз. 1200 *м*, туурасы 400–500 *м*ге жетип, түн.-батыштан түш.-чыгышка созулун жатат. Кен аймагы төртүнчүлүк мезгилинде пайда болгон кумайлуу чоподон түзүлгөн. Анын калыңдыгы 11,7 *м*ден 58,0 *м*ге чейин өзгөрөт. Технол. изилдөөнүн негизинде кумайлуу чоподон «100», «125» маркасындагы кыш алына тургандыгы аныкталган. Баланстагы запасы А категориясы б-ча 305 мин $м^3$, В – 476 мин $м^3$, C_1 – 960 мин $м^3$.

КӨК-ЖАР – Нарын обл-нун Ак-Талаа р-ндагы кыштак. Көк-Жар айыл округуна караштуу. Нарын д-нын боюнда, деңиз деңг. 1725 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Баетов кыш-нан 65 *км* түн. тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 300 *км*. Кыштак 1932-ж. орношкон. Калкы 1002 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Айылдык амбулатория, мончо, тегирмен иштейт.

КӨК-ЖАР – Нарын обл-нун Кочкор р-ндагы кыштак. Төлөк айыл округунун борбору. Жоон-Арык суусунун ж-а Бишкек – Чаек автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1919 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кочкор кыш-нан 10 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 70 *км*. Калкы 2274 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү, ФАП бар. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КӨК-ЖАР – Чүй обл-нун Аламүдүн р-ндагы кыштак. Көк-Жар айыл округуна караштуу. Аламүдүн суусунун оң өйүзүндө, деңиз деңг. 969 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Лебединовка кыш-нан 7 *км* түш.-батыш тарап-

та. Аламүдүн т. ж. бекетинен 5 *км*. Калкы 3294 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү ж-а соода жайлары иштейт.

КӨК-ЖАР КӨРҮСТӨНДӨР ТОБУ – 1) б. з. ч. 6–4-к-га таандык археол. эстелик. Ак-Талаа аймагындагы Казарман – Нарын автомобиль жолунун сол өйүзүндө, Көк-Жар айылына 1 *км* жетпей жайгашкан. Түндүктөн түштүктү карай тизмектешкен 19 дөбө-мүрзө ж-а майда мүрзөлөрдөн турат. Бийикт. 0,1–2,7 *м*, диаметри 5–28 *м*; 2) 1–6-к-га таандык. Көк-Жар айылынын батыш четинде. Жолдун оң өйүзүндө 5 дөбө-мүрзө бар. Бийикт. 0,2–0,6 *м*, диаметри 6–9 *м*. 1983-ж. археолог М. И. Москалёв баяндап жазган. Казуу иштери жүргүзүлгөн эмес.

КӨК-ЖАР КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нунда, Торкен кыш-нан 20 *км* түн.-батышта, Нарын д-нын оң өйүзүндө, дениз денг. 995–1005,4 *м* бийикте. 1969-ж. Түн. Кыргыз геол. экспедициясы чалгындап, запасы эсептелген. Кен аймагында антропоген мезгилинде пайда болгон чокмө тектер жатат. Кум-шагыл катмарынын калыңдыгы 14 *м*ден ашат. Шагыл таштар жумуруланган гранит, конгломерат, кумдук, эффузив, акиташ тектеринен турат. 400 *мм*ге чейинки шагыл фракциясы 55%, жалпак, сүйрү болүкчөлөрү 22%ке чейин, кум (5 *мм*ден майдасы) 23%. Кум полимиктүү, орто ж-а ири бүртүктүү. Арасындагы чаң 10%ке жетет, слюда (1–1,5%) кезигет. Кумдун көлөмдүк массасы 1600 *кг/м*^{3}. Шагылдар иргелип, жуулуп, чандан арылгандан кийин «300» маркасындагы бетон алууга жарамдуу. Запасы A+B категориясы б-ча 2655 мин *м*^{3}, C_1 – 4690 миң *м*^{3}.

КӨК-ЖАР СЫМАП КЕНДЕРИ Нарын обл-нун аймагында, Улан тоосунда (Нарын кырка тоосу), Көк-Жар суусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Кен 1950-ж. табылып, 1962–66-ж. геол. изилдоо иштери жүргүзүлгөн. 40ка жакын кен ж-а кенче ачылып, бири-бирине жакын турган Көк-Жар, Көк-Жар – Текели-Төр, Дүрмө, Батыш Улан деген кенташтуу аймакка бөлүнгөн. Негизгиси – Көк-Жар. Ал уз. 11 *км*, эни 1–1,5 *км* келген аянтты ээлейт. Аймагында силур мезгилинин аягында пайда болгон сланец м-н акиташ теги, девондун эффузивдери, акиташ тектери жатат. Катмарлар жылышуу тибиндеги тектон. жаракалар м-н тилмеленген. Мында сымаптын 12 кичирээк кенчеси бар. Кендер тектон. жылышуу жаракаларынын астында, акиташ тектери м-н кремнийлүү эффузивдердин чегинде, кээде акиташтуу аймактарда жайгашкан. Сымап кени киновардан туруп, тарамча ж-а майда уяча, бүртүкчө түрүндө. Киноварь м-н бирге галенит, сфалерит, пирит, халькопирит, гематит, пирротин ж-а өнү өчкөн кенташ минералдары кезигет. Кенташтагы сымап 0,02–1,46%, кээде 3–5%ке жетет.

КӨК ЖАШЫЛ БАЛЫРЛАР (Cyanophyta) – балырлардын прокариотторго кирүүчү тобу. Аларда бактериялар сыяктуу ядросук зат мембрана м-н капталбайт, б. а. цитоплазмадан чектелбеген. Ошондуктан алар бактерияларга киргизилип, цианобактериялар деп аталат. Булар көк жашыл, кээде мамык-кызыл ж-а кара түстө да жолугат. Түстөр алардагы хлорофилл *a*, каротиноиддер, фикоэритриндер, фикоанан ж. б. пигменттердин болушуна байланыштуу. К. ж. б. – бир клеткалуу (жипчесимал) колониялуу организмдер. К. ж. б-дын көбөйүүсү бир клеткалууларында бөлүнүү жолу м-н жүрөт. Ал эми жип сымал өкүлдөрүндө жиптердин клеткалары бир нече бөлүктөргө топтолушуп, былжырдын жардамы м-н өз алдынча бөлүкчө чыгат. Бир нече убакыттан кийин ар бир бөлүкчөлөр жетилип, өзүнчө жаны жиптерди пайда кылат. Алар түрдүү экол. шартта (кыртышта, көлдө, дарак кабыгында, ысык булакта ж. б.) кездешет. Көпчүлүгү жогорку темп-рага чыдамдуу, ысык ж-а жылуу булактарда да жашайт. К. ж. б-дын ичинен төмөнкү темп-рага чыдамдуу түрлөрү да бар. 2000ден ашык түрдү кучагына алган үч классы белгилүү. Кырг-нда мерисмопедия, носток, калотрикс, осцилатория ж. б. өкүлдөрү көп кездешет. Көп учурда башка организмдер м-н симбиоздо жашайт. Кээси азот топтоо б-ча жөндөмдүү болгондуктан, жер семирткич катары пайдаланылат. Айрымдары өтө көп көбөйгөн учурда суу сактагычтарда суунун «гүлдөшүнө» алып келет. Кээ бир түрү тамак катары колдонулат.

КӨК-ЖЕЛЕ, Асман жаасы, Асан-Үсөн – атм-дагы суу тамчыларында жарыктын сынышынан, чагылышынан, интерференциясынан ж-а дифракцияланышынан келип чыккан оптикалык кубулуш. Асмандын Күнгө карама-каршы тарабына жааган жамгырда күн нурунан түркүн түстөгү жаа пайда болот. К.-ж-нин борбору күндүн дискасы м-н байкоочунун көз деңгээли аркылуу өткөн түз сызыкта жатып, К. ж-нин жаасы 42° бийикке жет-



кенде жоголот. Тоолуу жерлерде К.-ж-ни ландшафт бетинен да көрүүгө болот. К. ж. шаркыратмада, фонтанда, жаадырып сугарган учурда, жамгырдуу түндө прожектор нурунун жолунда да пайда болот. Кээде самолёттон К.-ж-нин толук айланасы көрүнөт. Айрым учурда түсү тескери жайгашкан (тышы көгүш кызыл, ичи кызыл) бурчтук радиусу 52° болгон экинчи К.-ж. байкалат. Жамгырдын тамчылары канчалык чоң болсо, К.-ж-нин түсү ошончолук ачык болот. Кыргыздар К.-ж-ны Асман жаасы, Күн желеси («күндүн кулагы»), Жезкемпирдин желеси деп атайт. Ил. жактан К.-ж-нин пайда болушун 1637-ж. француз Р. Декарт, тагыраак теориясын англис Ж. Эри ж-а австриялык геофизик Й. М. Пернтер далилдеген.

КӨК ЖОРУ – жорулар тукумчасындагы куш. Тумшугу узун, ылынаа сымал. Кырг-нда Тенир-Тоо, Памир, Алай тоо кыркаларында жолугат. К. ж. отуруктуу куш. 1–2 жумуртка тууйт. Басып чыгарган балапаны 1 айча уяда болот. Ал жаныбарлардын тарпы м-н азыктанат. Бул түрдүн азайып кетиши жайлоолордогу жапайы ж-а үй жаныбарларынын азайышы м-н байланыштуу. 1968-жылдан коргоого алынып, Кырг-ндын Кызыл китебине катталган.



КӨК ЖӨТӨЛ – балдардын катуу кармаган жугуштуу оорусу. Айрым учурда чоң кишилер да ооруйт. Оору башталгандан бир айга чейин жугуштуу. Козгогучу – бактерия. К. ж. оорулуу жөтөлгөндө, чүчкүргөндө, сүйлөгөндө абага тараган шилекей чачырандылары аркылуу жугат. Жашыруун мезгили 2–15 күн. Бул оору, адатта 6–7 жума созулат, жөтөлүп, айрым учурда дене бир аз ысып, мурду бүтүп башталат. Жөтөл барабара, айрыкча түнкүсүн күчөйт. Оору күчөгөндө көгөрүп, ыкшып жөтөлөт, кусуп да жиберет. Мындай абал 2 жумадан 2 айга чейин созулат. Андан соң жөтөл басаңдайт, ыкшып жөтөлгөнү сейрек кармап, оорулуу айыга баштайт. Оорулуунун таза абада көпкө болушу абалды жеңилдетет. Үч жашка чейин ж-а ден соолугу начар балдарда бронхит, өпкөнүн сезгенүүсү м-н коштолот. Айрым учурда ыкшып жөтөлбөй эле өтөт. Эгер бала тынбай жөтөлсө, оз убагында ооруну аныктоо үчүн врачка корсотүү зарыл.

КӨК-ИРИМ – Тогуз-Торо ойдуну м-н аккан суу, Нарындын сол куймасы. Тогуз-Торо р-нунда. Фергана тоо тизмегинин түн.-чыгыш капталынан башталат. Уз. 51 *км*, алабынын аянты 1740 *км*^{2}. Жогорку агымында кууш капчыгай м-н чыгышка, андан кийин ороону кенейип, түн. тарапка агат. Төмөн жагында салааларга бөлүнүп кетет. Негизинен кар (25%), мөңгү (20%) ж-а булак (51%) сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 22,6 *м*^{3}*/сек*. Эң көп чыгымы июнда, азы февралда. Апрелде кире баштап, октябрда тартылат. Ири куймалары: Көгарт (50 *км*), Үрүмбашы (40 *км*), Кекилик-Бел (39 *км*) – оң; Казык (24 *км*), Байдамтал (21 *км*) – сол. Негизинен сугатка пайдаланылат. Боюнда Көк-Ирим, Арал, Бирдик, Атай кыш. жайгашкан.

КӨК-ИРИМ ТООСУ Ички Тенир-Тоодо, Тогуз-Торо ж-а Кетмен-Төбө ойдундарынын аралыгында. Токтогул ж-а Тогуз-Торо р-ндорунун чегинде. Уз. 60 *км*, эң жазы жери 38 *км*. Орт. бийикт. 3800 *м*, эң бийик жери 4351 *м* (Байдамтал). Нарын капчыгайынан Капка ашуусуна чейин созулат. Кембрий, девон, ордовиктин кумдук, сланец, акиташ ж. б. тектеринен түзүлгөн. Ортосу бийик ж-а аскалуу, батыш жагы жапыз, түштүгүндө кууш ж-а терең капчыгайлар бар; түн.-чыгышына үстү тегиз тоо айрыктары мүнөздүү (Кызыл-Татыр, Турук, Ак-Башат). Мөңгүлөр тоонун ортоңку бөлүгүнүн түн. бийик беттеринде. Нарын капчыгайына караган тарабы кургак келип, батышы нымдуу, бадал ж-а дарак өсүмдүктөрү өсөт. Түш. беттерине талаа (1400–2000 *м*), бадал аралаш токой ж-а шалбаа (2000–3000 *м*), субальп ж-а альп шалбаалуу талаа (3000–3900 *м*), түн. капталына талаа (1600–2400 *м*), шалбаа ж-а майда бадал (2400–2900 *м*), субальп, альп (2900–4000 *м*), ал эми тоо чокуларына нивалдык ландшафттар мүнөздүү.

КӨК КАРГА СЫМАЛДАР (Coraciiformes) – куштардын түркүмү. Бул түркүм бир кыйла айырмаланган топту камтыйт. Филогенез жагынан күкүк сымалдарга ж-а байкуш сымалдарга жакын. Куш жүнү катуу, ачык түстө, көпчүлүк учурда күмүштөй кулпунуп турат. Анын 49 уруусу, 194 түрү бар. Негизинен тропикте ж-а субтропикте жашайт; мелүүн кендикте чанда кездешет, келгин куш. КМШ өлкөлөрүндө 11 түрү бар, а. и. 6–8 түрү уялайт. К. к. с. көбүнчө сейрек даректуу жерде, бир азы талаада, чөлдө жашайт. Моногамдар. Уяларын көндойго, аска жаракаларына же ийинге салат; кээ бири колония түрүндө уялайт. Балапандарын ургаачы, эркеги экөө тең басып чыгарат. Балапаны жылаңач, көзү ачылбай чыгат, жай чоноёт. Негизинен жаныбарлар м-н азыктанат.

КӨК-КАШАТ – Талас р-нундагы кыштак. Жерге-Тал айыл округуна караштуу. Талас суусунун боюнда, 1700 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Көк-Ой кыш-нан 24 *км* чыгыш тарапта. Жамбыл т. ж. бекетинен (Казакстан) 120 *км*. Кыштак 1936-ж. негизделген. Калкы 1902 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү, ФАП иштейт. Кыштакта белгилүү комузчу Атай *Огомбаев* туулган.

КӨК-КҮМБӨЗ КӨРҮСТӨНДӨРҮ – байыркы ж-а о. кылымдарга тиешелүү археол. эстелик. Ат-Башы р-нунун чыгышындагы Көк-Күмбөз суусунун этегинде жайгашкан. Жалпы саны жүздөн ашуун. Көпчүлүгү сак дооруна таандык. 1982–83-ж. археолог М. И. Москалёв баяндап жазган. 1989-ж. археолог К. Табалдиев көрүстөндөрдү картага түшүргөн.

КӨК-КЫЯ – Ак-Сай өрөөнүндөгү суу, Ак-Сай суусунун оң куймасы. Ат-Башы р-нунун аймагы аркылуу агат. Какшаал тоо тизмегинен башталат. Уз. 83 *км*, алабынын аянты 1050 *км*². Жогорку агымында өрөөнү бирде кууш, бирде кеңейип, кээде салааларга бөлүнүп агат. Башталышында 3514 *м* бийикте, аянты 4,5 *км*² келген *Кол-Суу* көлү бар. Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Ири куймалары: Ак-Сай-Ууру (29 *км*), Туюк-Бото-Мойнок (28 *км*), Кара-Бел (10 *км*) – оң; Туюк-Хожент (13 *км*), Хожент (11 *км*) – сол. Жылдык орт. чыгымы 3,75 *м*³/*сек*; эң көбү июлда, эң азы мартта байкалат. Сентябрда тартылып, майда кире баштайт.

КӨК-КЫЯ КӨМҮР КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Тогуз-Торо р-нунда, Фергана тоо тизмегинин түн.-чыгыш капталында, Көк-Кыя суусунун төрүндө. Кен Батыш ж-а Чыгыш болуп, эки участкага бөлүнөт. 1939-ж. издөө, 1943–55-ж. геол. картасын түзүү иштери жүргүзүлгөн. Көмүр туюк свитасынын ортонку ж-а жогорку бөлүгү м-н байланышкан. Көмүрлүү кабаттардын ж-а кабатчалардын саны 50–60ка, калыңдыгы 0,04–1,65 *м*ге жетет. Көмүрдүн сапаты, технол. касиеттери начар изилденген. Күлдүүлүгү 4,53%тен 13,89%ке чейин, күйүү жылуулугу 34,05–35,61 *МДж/кг* (8107–8507 *ккал/кг*). Болжолдуу ресурсту 114182 мин *т*.

КӨК-МОЙНОК – Ысык-Көл обл-нун Тоң р-нундагы кыштак. Көк-Мойнок айыл округуна караштуу. Чүй д-нын оң өйүзүндө, К ө к - М о й н о к № 1 дениз денг. 1626 м, К ө к - М о й н о к № 2 (Байдамтал) 1617 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Боконбаев кыш-нан 134 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 15 *км*. Кыштак 1871-ж. негизделген. Калкы 1230 (2007; эки айылды кошкондо); негизинен мал асырап, тоют даярдашат. Эки орто мектеп, 2 китепкана, 2 клуб, 2 ФАП бар. Турмуш-тиричилик кызматынын болүмдөрү ж-а бир нече соода жайлары иштейт.

КӨК-МОЙНОК АМЕТИСТ КЕНИ Ысык-Көл обл-нун Тоң р-нунда, Балыкчы ш-нан 20 *км* батыш тарапта, Чүй д-нын сол өйүзүндө, деңиз денг. 1600–1800 *м* бийикте жайгашкан. 1979-ж. табылган. 1991-ж. издөө-баалоо иштери жүргүзүлгөн. Кен аймагында таш көмүр мезгилинде пайда болгон метаморфизмделген чокмо тек катмары ж-а аларды жиреп чыккан пермь мезгилиндеги аляскит гранити жатат. Аметист бул тектердин кошулган жериндеги жаракалуу тилкедеги көндөйчөлөргө, жаракаларга топтолгон. Көндөйчөлөр 50×50×50 *смге*, жаракалар – 5 *смге* жетет. Аметист узуну 3 *см*, эни 1,5 *см* келген тик кристалл түрүндө кездешет. Өңү кызгылтым көк. Кыр чыгарып сайкалдаса чоңулуп жылтылдап турат. Зергердикте пайдаланып, кымбат баалуу кооз буюмдарды жасоого жумшактуу. Баланстагы запасы C_1 категориясы б-ча 145,5 *кг*.

КӨК-МОЙНОК–КАРА-КЕЧЕ КӨМҮРЛҮҮ РАЙОНУ, к. *Кабак көмүр бассейни*.

КӨК-МОЙНОК КӨМҮР КЕНИ Нарын обл-нун Жумгал р-нунда, Көк-Мойнок айылдыгынын батыш жагында, Ак-Кол ж-а Тайды-Булак сууларынын аралыгында. 1931-ж. геол. картасы түзүлгөн. 1946–51-ж. уран кенин издөө убагында көмүр кабаттарын табуу, 1956–57-ж. издөө-чалгындоо иштери жүргүзүлгөн. Көмүр төмөнкү юра катмарындагы туура кабак свитасы м-н байланышкан. Көмүрлүү катмар 8 кабатка бөлүнгөн. Алардын ичинен 5 кабат өнөр жайлык мааниге ээ. Кабаттардын көбүнүн көмүрү (жер үстүнө жакын 3 *м*ден 150 *м*ге чейинкиси) күйүп кеткен. Кабаттардын калыңдыгы 39,60 *м*ге чейин. Сапаты б-ча үчүнчү күрөң көмүр маркасына (3 Б) кирет. Көмүрдүн орт. күлдүүлүгү 6,82%тен 25,40%ке, күйүү жылуулугу 25,12–30,64 *МДж/кг*га чейин өзгөрөт. Кайрадан баалануучу запасы C_2 категориясы б-ча – 19,6 млн *т*, болжолдуу ресурсу 94,8 млн *т*.

КӨК МЭЭ (Coenuros'is) – малдын (көбүнчө койдун), кээде кишинин инвазиялуу (цестодоз тобундагы гельминтоз) ылаңы, оорусу. Multiceps multiceps тасма куртунун личинкасы пайда кылат. Ылан КМШ өлкөлөрүнөн Борб. Азия, Закавказье респ-ларында, Казакстанда, Волга бою, Сибирде кездешет. Көбүнчө 2 жашка чейинки жаш мал ылаңдайт. Гельминт ит, карышкыр, чоо, кээде түлкүнүн ичегисинде мителейт. Булар болуп чыгарган мультицепс жумурткасын кой, эчки ж. б. тоют м-н кошо жеп, алар малдын ичегисинде личинкага айланып, канга өтөт, кан аркылуу мээге жетип, ооручу, ыйлаакча пайда кылат. Дарт 4 стадияда өтөт. 1-стадияда (16 күн) ылаңдын белгиси байкалбайт. 2-синде кой чочулап үркүп, булчундары тырышып, бир орунда тегерене берет. Айрым козулар олот. 3-стадия (2-А тымызын мезгил) 2,5–8 ай созулат. 4-стадиясында (2–3 жума) ылаңдын клиникалык белгилери күчөп, мал арыктап олот. Дарылоо – операция жолу м-н жүргүзүлөт. Алдын алуу ж-а каршы күрөшүү: олгон койдун же союлган дарттуу койдун башын Беккари чункуруна коомп, ылаңдуу малды өз убагында бөлүү, жолбун итти жоготуу, чарбадагы итти жылына 4 жолу дегельминттөө.

КӨК НИЛ, Б а х р - э л ь - А з р а к (ар. бахр – дарыя ж-а азрак – көк) – Эфиопия м-н Судандын аймагындагы дарыя. Нилдин оң куймасы. Уз. 1600 *км*. Тана көлүнүн түштүгүрөөк жагындагы Чоке тоосунун түш.-чыгыш капталынан Кичи Аббай деп башталып, Тана көлүнө куят. Көлдөн Аббай д. агып чыгып, Судандын аймагында К. Н. аталат. Тана көлүнөн 20 *км* төмөн Тис-Эсат шаркыратмасы (бийикт. 45 *м*) бар. Аббай д-нда уз. 500 *км*, терендиги 900–1200 *м* ж-а эни 100–200 *м* келген каньон бар. Негизги куймалары – Ражат ж-а Диндер. Хартум ш-нын түндүгүндө Ак Нил м-н кошулуп, *Нил* д-н түзөт. К. Н. жамгыр суусу менен куралып, жылдык чыгымы ото өзгөрүлүп турат: Хартум ш-нын жанында, февралда 127 *м*³/*сек*, августта 5822 *м*³/*сек*. Жылдык орт. чыгымы 1650 *м*³/*сек*. ГЭСтер ж-а суу сактагычтар курулган. Дарыянын чатынан 580 *км* жогору кеме жүрөт.

КӨК-ОЙ – Нарын обл-нун Жумгал р-нундагы кыштак. Көк-Ой айыл округуна караштуу. Жумгал суусунун оң өйүзүндө, деңиз денг. 1740 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Чаек кыш-нан 12 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 192 *км*. Кыштак 1925-ж. негизделген. Калкы 1738 (2007); негизинен мал асырайт. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, мад-т үйү ж-а ФАП бар. Турмуш-тиричилик кызматынын болүмдөрү иштейт.

КӨК-ОЙ (1994-ж. чейин И в а н - А л е к с е е в к а) – Талас р-нундагы кыштак, райондун борбору. Көк-Ой айыл округуна караштуу. Талас суусунун оң өйүзүндө, деңиз денг. 1200 *м* бийикте жайгашкан. Облустун борбору Талас ш-нан 6 *км* түндүктө. Жамбыл т. ж. бекетинен 100 *км*. Кыштак 1912-ж. негизделген. Калкы 7500 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Эки орто мектеп, 3 китепкана, клуб, бала бакчалар, тех. лицей бар. «Манас үйү» никелешүү борбору, соода ж-а тамактануучу жайлар, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, оорукана, дарыканалар, мончо, турмуш-тиричилик кызматынын болүмдөрү, АК иштейт. Айылды пландоодо турак үйлөрдү, коомдук имараттарды ж. б. объектилерди өз-өзүнчө чогултуп жайгаштыруу байкалат. К.-О. кыштагы 1983-ж. «Кыргызгипрокурулуш» долбоорлоо институтунда иштелип чыккан негизги план б-ча оңүгүүдө.

КӨК-ОЙРОК ӨРӨӨНУ – Түн. Тянь-Шандагы бийик тоо өрөөнү. Чоң Кемин өрөөнүнүн жогорку бөлүгү. Иле Ала-Тоосу м-н Күнгөй Ала-Тоонун аралыгында жайгашкан. Кемин р-нунда. Чоң Кеминдин оң куймасы – Кашка-Суудан Кемин-Челек тоо тоомуна чейин 80 *км*дей. Туурасы 500 *м*ден (таманы) 1 *км*ге чейин. Деңиз денг. бийикт. 1550 *м*ден 4771 *м*ге чейин (Чок-Тал, Күнгөй Ала-Тоосу). Мегасинклиналь тибиндеги өрөөн; неотектон. мезгилдин Күнгөй Ала-Тоо м-н Иле Ала-Тоосу Түн. ж-а Түш. Кемин жаракалары м-н төмөн түшкөн ойдун. Морфол. түзүлүшү б-ча К.-О. ө-н экиге бөлүүгө болот: жогорку бөлүгү Жинди-Суудан (Чоң Кеминдин оң куймасы) Кемин-Челек тоо тоомуна чейин 35 *км*ге созулат; жазылыгы 200–300 *м*ден (Жинди-Суунун чатына жакын) 1 *км*ге чейин (Орто-Кой-Суу ж-а Чолпон-Ата сууларынын аймагында). Таманы ичке тилкелүү жогорку төртүнчүлүк доордун түздүктөрүнө, капталдары тик, тепши сымал өрөөндөн (Чет-Кой-Суу, Чолпон-Ата, Туюк-Алматы, Кол-Алматы, Ашуулуу-Алматы ж. б.) турат. Өрөөндү муз каптоо доорунда уз. 45 *км*ден ашкан мөңгү ээлеген. Азыр байыркы мөңгүнүн издери (тепши сымал өрөөндөр, төр, морена ж. б.) көп кездешет. Чолпон-Атанын төрүндө тепши сымал өрөөн даана байкалат. Төмөнкү бөлүгү – Кашка-Суудан Жинди-Сууга чейин созулган тоо-капчыгайлуу өрөөн. Уз. 45 *км*. Мында өрөөндүн таманы көбүнчө кууш (200–300 *м*), капталдары тик. Иле Ала-Тоосунун капталдары тик ж-а кыскараак келип, терең сайлар м-н тилмеленген. Күнгөй Ала-Тоонун этегин бойлото граниттен турган ассимметриялуу массив өрөөндүн таманынан тик көтөрүлүп турат. Граниттүү массив м-н Күнгөй Ала-Тоонун аралыгында бийик (2800–3000 *м*) бөксө тоонун тилкеси жатат. Өрөөндүн Тору-Айгыр, Жашыл-Көл, Куу-Карагайдын талаасы, Жая туштагы бөлүктөрү салыштырмалуу кеңенирээк (1 *км*ге чейин), анткени төртүнчүлүк мезгилдин 1-жарымындагы катуу жер титирөөлөрдөн Шыгай, Белокбай, Жашыл-Көл, Көл-Төр, Батыш Кара-Корум, Жая өндүү зор жер көчкүлөр жүргөн. Түзүлүшүндө негизинен протерозойдун, палеозойдун кристаллдуу (сланец, гнейс, гранит-диорит, мрамор ж. б.) тектери басымдуу. Чалкан-Ата суусунун өрөөнүнүн капталында палеоген-неогендеги тектери көчүп, майда көлдөрдү пайда кылган. Климаты континенттик; январдын орт. темп-расы –5...–10°С; июлдуку 12–15°С; жылдык жаан-чачыны 500–700 *мм*. Аймагында жалдык жаан-чачыны 500–700 *мм*. Аймагында жалпы аянты 148 *км*² келген 132 мөңгү жайгашкан. Негизги суусу – Чоң Кемин (куймалары: Кашка-Суу, Карагайлуу-Булак, Бузулган-Сай, Чоң Кой-Суу, Ак-Суу, Чолпон-Ата, Жинди-Суу ж. б.). Өрөөндүн ландшафты кооз. Субнивалдык суук чөл, альп ж-а субальп шалбаасы, ка-



Көк-Ойроктун ортонку бөлүгү.

рагай-бадалдуу токой, шалбаалуу талаа ландшафттары мүнөздүү. Кенен жайлоо; торуно чейин автомобиль жолу салынган. Туризм өнүккөн. Жаратылышы азырынча запкы чеге элек, экол. тең салмактуулук сакталган. Эгерде Алматы – Тамчы жолу курулса, бул аймактын жаратылышы кескин өзгөрүп, экол. жактан жагымсыз шарт түзүлүшү ыктымал.

Ад.: Природа Киргизии. Ф., 1962; *Маречек Б. Р.* Туристические маршруты по Северу Киргизии. Ф., 1981; *Исаченко А. Г.* Ландшафтоведение и физико-географическое районирование. М., 1990; Кыргыз жергеси. Б., 1990; *Подрезов О. А.* Горная метеорология и климатология. Б., 2000.

Ш. Качаганов.

КӨКӨБАЕВ Базаралы (1935-ж. т., Талас обл., Талас р-ну, Ак-Сай кыш.) – малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1958). 1950-жылдан Талас р-нундагы



Манас колхозунун баш чабаны болуп иштеп, 1956-ж. ар бир ириктен 3,7 *кг*, 1957-ж. 4,5 *кг* жүн кыркып алып, 1958-ж. ар ирикти 75 *кг* салмакта мамлекетке өткөргөн. 1961–75-ж. ферма башчысы, 1975–87-ж. бригадир, кайрадан ферма башчысы. 1988-жылдан ардактуу эс алууда. 1959–63-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Ленин ордени м-н сыйланган.

КӨКӨМЕРЕН (Ziziphora) – осумдуктордун эрин гүлдүүлөр тукумунун уруусу. Көп же бир жылдык жыттуу чөп. Гүлү майда, мала же көгүш кызыл, топ гүлү – башча. Жер Ортолук деңизден Борб. Азияга чейин 30дай түрү таралган. Кырг-ында 4 түрү кездешет. К. тоонун шагылдуу кургак жеринде өсөт. Бардык түрүндө эфир майы бар, көчүлүгү – балдуу осумдуктор.

КӨКӨМЕРЕН (көк ж-а монголчо морон – суу; көк суу) – Жумгал р-нунун аймагы аркылуу аккан суу, Нарын д-нын оң куймасы. Жалпы уз. 199 *км*, алабынын аянты 10400 *км*², деңиз деңг. орт. бийикт. 2800 *м*. Суусамыр м-н Батыш Каракол сууларынын кошулган жеринен К. аталат. Ири куймалары: Муз-Тор, Жаман-Эчки, Ак-Суу, Жоо-Жүрөк, Ой-Кайың, Көбүк-Суу, Жумгал, Миң-Куш. Мындан тышкары 100дөн ашык майда куймалары бар. Негизинен кар ж-а булак сууларынан куралат. Көп жылдык орт. чыгымы 80,3 *м*³/*сек*; эң көбү июлда (215 *м*³/*сек*), азы мартта (29,7 *м*³/*сек*) байкалат. Апрелде кирип, сентябрда тартылат. Октябрь–ноябрда тоңо баштап, март–апрелде муздайт. Сугатка пайдаланылат. Боюнан Кызыл-Ой, Арал, Сары-Булун, Өрнөк кыш. орун алган.

Кокомерендин жээгиндеги суу жерлер.



КӨКӨМЕРЕН ГАББРО КЕНИ Нарын обл-нун Жумгал р-нундагы Кызыл-Ой кыш-нан 5–6 *км* түн.-чыгыш тарапта, Кокомерен капчыгайынын оң жак өйүзүндө, Бишкек – Арал жолунун боюнда жайгашкан. 1954-ж. табылган. Кен аймагын ордовик м-н силурдун интрузиялары түзөт. Габбро силур мезгилинде пайда болуп, туурасы 2 *км*-ге жеткен тегерек шток түрүндө. Кокомерен сууусунун нугунан 300 *м* бийик которулуп чыгып турат. Этегиндеги кесек сыныктары 5–6 *га* аймакты ээлейт. Габбро каралжын боз, кара түстө. Негизинен роговая обманка м-н магнетиттен турат. Курамында кварц жок болгондуктан, оңой кесилип, жакшы сайкалданат. Сайкалданган бети бир оңчой түстү берип, тегиз жылмаланат, күзгүдөй жалтырайт. Запасы 100 миң *м*³. Кесек шагылдан 5 *дм*³ден 0,5 *м*³ блок алууга болот. Габбро имараттарды, монументти кооздоп беттөөго ж-а кооз буюмдарды жасоого жарактуу.

КӨКӨМЕРЕН ГРАНИТ КЕНИ Нарын обл-нун Жумгал р-нунда, Кызыл-Ой кыш-нан 15 *км* түн.-чыгыш тарапта, Кокомерен сууусунун оң өйүзүндө. 1955-ж. табылган. Кен аймагын ордовик мезгилиндеги суусамыр интрузиясынын батолити түзөт. Кен порфир сымал ири кристаллдуу граниттен туруп, батолиттин бир тармагын ээлейт. Өңү кызгылтым боз. Гранитте микроклиндин 2–3 *см* өлчөмдөгү кызгылтым кристаллы өзгөчө болүнүп, порфирдик түзүлүштү пайда кылат. Гранит жаракалуу. Жылмалап сайкалдаганда күзгүдөй жаркырап, каралжын ж-а кызгылтым минералдар өзүнчө көрк берип турат. Физ.-мех. касиети б-ча дубалдарды каптап кооздоого жарамдуу. Запасы ондогон млн *м*³ге жетет.

КӨКӨМЕРЕН КАПЧЫГАЙЫ – Ички Теңир-Тоодо субмеридиан багытта жайгашкан антецеденттик капчыгай. Жумгал р-нунда. Жумгал м-н Суусамыр тоолорун бөлүп турат, ороондорун байланыштырат. Уз. 46 *км*, туурасы 40–120 *м*. Капталынын бийикт. 600–1450 *м*, тиктиги 30–75°, кээде 80–85°. Баш жагында Сандык-Кишинеи капчыгайы (капталы 40–45°) бар. Андан ылдый кеңенирээк Ой-Кайынды (оң бети 38–40°), андан кийин шагыл-корум, боз граниттүү Бороондуу (Вообек), орто бөлүгүндө Кызыл-Ой тектон.



Кокомерен капчы[illegible]ынын орто чени.

ороону, төмөнкү [illegible]ымында кумдук ж-а акиташ тегин кескен Көк-Сайынды (Курган), Ой-Терек-тен өткөндөн кийин түш.-чыгышка бурулуп, кууштап, Жумгал ороонуно чыккан жери Үч-Кум-Күнгөй деп аталат. Мында туурасы 150–200 *м*ге жетип, сол жагында палеогендин кызыл чополуу конгломераты бар. Капчыгайдын чарбалык мааниси чоң; ГЭС каскаддарын куруу-га ото ыңгайлуу.

КӨКОМЕРЕН КӨРҮСТӨНҮ – б. з. ч. 1-к. – б. з. 3-к-на таандык археол. эстелик. Жумгал р-нунун аймагында, Кокомерен сууусунун сол өйүзүндө жайгашкан. Таш-Добо мүрзолордон турат. Кээ бирлери таш коргондор м-н курчалган. 1953-ж. археолог А. К. Кибиров изилдеген. Казуу иштери жүргүзүлгөн эмес.

КӨКОМЕРЕН ФЛЮОРИТ КЕНИ Нарын обл-нун Жумгал р-нунда, Чаек кыш-нан 30 *км* батышта, деңиз деңг. 2100–2200 *м* бийикте. 1943- ж-а 1952-ж. коргошун кенин чалгындоодо флюорит кошо каралган. Жумгал тоосунун түш. капталындагы граниттердин арасында уз. 200–600 *м*, калыңдыгы 0,1 *м*ден 6 *м*ге жеткен флюорит – галениттин 10 тарамы байкалган. Калыңдыгы 0,2–4 *м* болгон № 6 тарамы чалгындалган. Флюорит майда кристаллдуу, ачык-жашыл түстө, өзүнчө масса же чачынды түрдө кездешет. Фторлуу кальцийдин өлчөмү 4,53%тен 34,52%ке чейин өзгөрөт. Запасы $B+C_1+C_2$ категориясы б-ча 22 миң *т*. Башка тарамдарды таан, терең чалгындоодон запасын көбөйтүүгө болот.

КӨКОТОЙ Өмүрбек уулу, Көкотой чечен (1849, Нарын р-ну, Миң-Булак айылы – 1916, Үркүндө жолдо каза болуп, соогу Тарагай тарабтагы Боз-Жалпак – Май-Добо деген жерге коюлган) – чечен, билгир, санжырачы. Тынымсейит уруусунун жаманак ургунан. Кичинесинен эле баамчыл, сезгич, куйма кулак, кепке ынак өскөн. К. өз мезгилинин акылман ойчулу, өз оюндагысын тартынбай бетке айткан, чукугандай сөз таткан куйкум сөздүн чебери, сыйчы, сүйлөткөр, жармачка жардамдашкан боорукер адам болгон. Ал алдамчы, ач көз, сүткор зулум кошоматчыларды курч сөздөрү м-н ашкерелеген. К-го учурунда айтылуу эл ырчысы Арстанбек баа берген, Ы. Борончиев да жогору баалаган. А. Тыныбеков, Т. Сыдыкбеков анын акылман, нуска, насыят, таамай, чечен сөздөрүн көркөм чыгарма, Мукаш Найманбай уулу радиопьеса жазышкан.

Ад.: *Сыдыкбеков Т.* Күлкү жана өмүр. Ф., 1988.

КӨК-САЙ – Талас обл-нун Кара-Буура р-нундагы кыштак. Көк-Сай айыл округуна караштуу. Күркүрөө суусунун боюнда, деңиз деңг. 1241 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кызыл-Адыр кыш-нан 60 *км* түш.-батыш тарапта. Аймак т. ж. бекетинен 30 *км*. Кыштак 1929-ж. негизделген. Калкы 3901 (2007); негизинен мал чарбасы м-н алектенип, дыйканчылыкта эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, бала бакча бар. Үй-бүлөлүк врачтар тобу, торт үйү, 2 кафе, 2 тегирмен, 2 май жуаз, соода түйүндөрү, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү иштейт.

КӨК САЙКАЛ (Veronica) – осумдуктордун норичниктер тукумунун уруусу. Бир, көп жылдык чөп, чаңда майда чала бадалча. Бийикт. 20–60 (100) *см*, сабагы тик өйдө, кээде жерге төшөлүп өсөт. Жалбырагы негизинен бүтүн жээктүү, кээде майда жарым айчыктуу же тилкелүү. Сабакка түшташ жайгашкан. Гүлү сабактын учунда, шыпыргыдай, калемчедей топ гүлгө чогулган, кээ бир түрүнүн гүлү жалбырак колтугуна бирден өсөт. Эки эриндүү, түтүкчөдөй, көк, агыш көк, ак. Аталыгы 2, энелиги 1, мөмөсү эки уялуу кутуча, уругу ар бир уяда 1–12ден болот. 300 түрү бардык жерде тараган. Кырг-ында 30дан ашуун түрү ороондон бийик тоого чейин өсөт. Айрым түрү кооздук үчүн өстүрүлөт.

КӨК-САЙ МОЛИБДЕН КЕНИ Ысык-Көл обл-нун Ак-Суу р-нунда, Жыргалан сууусунун оң куймасы – Көк-Сай сууусунун сол жээгинде, деңиз деңг. 3150 *м* бийикте. 1950–54-ж. издөө иштери жүргүзүлгөн. Кен аймагы каледондогу боз граниттерден, аплит сымал кызгылт граниттерден ж-а аплиттерден түзүлгөн. Молибден–порфир чачырандылары калыңдыгы 1–10 *см* келген тик жантайган кварц тарамдары м-н байланышкан. Кенташ тарамдары топтолуп, штокверкти түзөт. Штокверктин аянты 450×250 *м*. Жантаюусу б-ча уз. 500 *м*. Негизги минералдары: молибденит, пирит. Молибдендин орт. өлчөмү 0,05%, запасы 67500 *т*.

КӨК СУУ – тоодогу моңгулордон, көлдөрдөн, булактардан башталган көк кашка тунук суу. Дарыя, көл, жер, айыл-кыштак аттары түрүндө да Кырг-ндын аймагында кеңири таралган.

КӨК-СУУ – Алай ороонундагы суу, Кызыл-Суунун оң куймасы. Уз. 65 *км*, алабынын аянты 1105 *км*². Чоң Алай р-нунда. Алай кырка тоосунун түш. капталындагы *Абрамов моңгусунан* башталып, капчыгайлуу ороон аркылуу түштүктү

карай агат. Ири куймалары: Асан-Коргон, Тегерек, Муз-Бел, Кулжа-Башы (оң), Ой-Бала, Дүңгүрөмө, Кара-Бел (сол). Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 10–12 $м^3/сек$. Эң көп чыгымы июль–августта, азы февраль–мартта байкалат. Апрель–сентябрда кирип, октябрь–мартта тартылат. Боюнан Жар-Башы, Кочкорчу кыш. орун алган.

КӨК-СУУ (БАТЫШ) ӨРӨӨНҮ Алай өрөөнүнүн батышында. Түндүгүнөн Алай кырка тоосу, түштүгүнөн Текелик тоосу м-н чектешет. Чоң Алай р-нунун аймагында. Өрөөн кеңдик багытка жакын 60 *км*ге созулат; туурасы 4–5 *км*. Таманынын дениз деңг. орт. бийикт. 2500–3300 *м*. Курчап жаткан тоолордун өрөөндүн таманынан салыштырмалуу бийикт. 1000–1200 *м*. Өрөөндүн башында тепши сымал төрлөр, мөңгү көп. Ортонку бөлүгү кууш, тоо капталдары кокту-колоттуу. Аягы Текелик суусунун чатынан Алай өрөөнүнө чейин кеңийт. Мында өрөөндүн капталдары тик, жардуу. Таманы төртүнчүлүк мезгилдин шагыл, кум, чополору м-н толгон. Тоо капталдары кеңдик багытта жаткан тектон. жаракалар м-н тилмеленген. Климаты кескин континенттик; январдын орт. темп-расы –14°С, июлдуку 10°С. Жылдык жаан-чачыны 300 *мм*. Өрөөн аркылуу Көк-Суу ж-а анын куймалары (Текелик, Корумду, Бек-Ага, Кара-Казык, Чоң Кочкорчу, Кызыл-Айрык, Кочкорчу) агып чыгат. Арча токойлуу шалбаалуу талаа, субальп ж-а альп талаасы, шалбаа ж-а нивалдык-гляциалдык ландшафттары мүнөздүү. Жайыт, этеги чабынды катары пайдаланылат. Өрөөндө Чак, Кочкорчу кыш. жайгашкан.

КӨК-СУУ НЕОЛИ́Т ӨНӨРКАНАСЫ – неолит дооруна (б. з. ч. 6–5-миң жылдык) таандык археол. эстелик. Ош обл-нун Чоң-Алай р-нундагы Көк-Суунун батыш тарабында жайгашкан. Таштын сыныктары, жалпак таштар, таштын чордону, кыргыч сымал таш курал табылган. 1956-ж. Кыргыз археол. экспедициясынын таш доорун изилдөө отряды ачкан.

КӨК-СУУ ТООСУ – Пскем кырка тоосунун түш.-чыгыш тармагы. Чаткал ж-а Көк-Суу сууларынын аралыгында. Тоонун кыры аркылуу Кырг-н м-н Өзбекстандын чек арасы өтөт. Уз. 60 *км*, туурасы 15–17 *км*. Орт. бийикт. 3100–3300 *м*, эң бийик жери 3828 *м* (Чатыр-Дөбө чокусу). Кыры жалама, тик аскалуу, мөңгү жок; капталдары тик (40–50°), кыска ж-а терең кокту-колоттуу капчыгайлары бар. Геол. түзүлүшү өтө татаал, тектон. терең жаракалар м-н тилмеленип, бүктөлүүлөргө дуушарланган. Тоонун түш.-чыгыш бөлүгү гранит, гранит-диорит, гранит-сиенит; ортоңку бөлүгү карбондун башталышында пайда болгон конгломерат, аркоздуу кумдук, битумдуу ж-а доломиттүү акиташ теги, түн.-батышы девондун доломит, кумдук, сланец, гравелит тектеринен түзүлгөн. Тоонун түш.-чыгыш капталына талаа ж-а шалбаа бадалдуу токой (2800–2900 *м*ге чейин), андан жогору субальп ж-а альп шалбаасы, шалбаалуу талаа ж-а субнивалдык суук чөл ландшафттары мүнөздүү. Жайыт.

КӨК-СУУ (ЧЫГЫШ) – Алай р-нунун аймагы аркылуу аккан суу. Чыгыш Кызыл-Суунун алабына кирет. Алайкуу кырка тоосунан башталат. Уз. 80 *км*, алабынын аяны 976 $км^2$. Жогорку агымында кууш өрөөн аркылуу агат. Өзөнү ичке келип, көптөгөн босоголор кезигет. Ортонку агымында өзөнү кеңейип баратат, Кызыл-Сууга куят да, андан кийин чыгыштары (Кытайды) карай агат. Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 14,7 $м^3/сек$. Май айында кире баштап, октябрда тартылат. Боюнда Эркеч-Там кыш. орун алган.

КӨК СҮТ – сүт сепаратору (сүт тарткыч) аркылуу каймагынан ажыратылган сүт. Мындай сүттө 3,2% белок, 4,8% сүт канты, 0,05% май, 0,7% минерал заттар бар. Андан кургак же коюлтулган сүт, уй кымыз, быштак, ацидофилин, кефир ж. б. азык даярдалат. Жаш малга да берилет.

КӨК ТАШ – жез сульфатынын кристаллгидраты, $CuSO_4 \cdot 5H_2O$, ачык көк түстүү кристалл. Сууда жакшы эрийт. Тыгыздыгы 2,29 $г/см^3$, 105°Сден жогору темп-рада суусун бир аз жоготуп, $CuSO_4 \cdot 3H_2O$го (көгүш) өтөт. 258°Сде толук кургагандан кийин ак түстөгү кристаллга айланат. Табиятта халькантит минералы түрүндө кездешет. Ө. ж-да К. т. абаны үйлөтүү м-н жезди суюлтулган ысык күкүрт к-тасында эритүүдөн алынат. К. т. жездин маанилүү тех. тузу. Чирүүдөн сактоо максатында К. т. эритмеси жыгачтарга сиңирилет; боёк алууда, өсүмдүк илдеттерине ж-а зыянкечтерине каршы үрөн дарылоодо, медицинада, тери ийлөөдө ж. б-да колдонулат.

КӨК-ТАШ – Жалал-Абад обл-ндагы шаарча. Майлы-Суу ш-нын курамына кирет. Майлы-Суу ш-нан 12 *км* түш. тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 106 *км* аралыкта жайгашкан. Шаарча кыштак катары 1949-ж. негизделген. Аянты 75 $км^2$. Калкы 2,7 миң (2009). Орто мектеп, китепкана, амбулатория, клуб (кышкы ж-а жайкы) бар. Соода түйүндөрү иштейт. Шаарчанын чегинен нефть, газ кендери казылып алынат.

КӨК-ТАШ – Талас обл-нун Бакай-Ата р-нундагы кыштак. К. Акназаров айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 890 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Бакай-Ата кыш-нан 15 *км* түш.-чыгыш тарапта. Жамбыл (Казакстан) т. ж. бекетинен 93 *км*. Кыштак 1938-ж. негизделген. Калкы 1001 (2010); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар. Тегирмен иштейт.

КӨК-ТАШ, К о ш - М ы р з а – Баткен обл-нун Лейлек р-нундагы кыштак. Сумбула айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1760 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Исфана ш-нан 26 *км* түш.-батыш тарапта. Пролетарск (Тажикстан) т. ж. бекетинен 76 *км*. Калкы 2819 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КӨК-ТАШ КӨРҮСТӨНҮ – 1–6-к-га таандык археол. эстелик. Жумгал р-нунун аймагында, Кочкор – Чаек автомобиль жолунан 25–30 *км* аралыкта, Кара-Кечеки өмүр разрезине кеткен жолдун боюнда жайгашкан. Түндүктөн түштүктү карай багыттал[illegible] эки таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийикт. 0,[illegible]0,9 *м*, диаметри 7–12 *м*. Байыркы убакта [illegible]йрым мүрзөлөрдү ачып, андагы буюм-тайы[illegible]арды алып кетишкени байкалат. 1985-ж. [illegible]еолог М. И. Москалёв баяндап жазган. Каз[illegible] изилдөө иштери жүргүзүлгөн эмес.

КӨК-ТОКОЙ – Талас р-нундагы кыштак. А. Нуржанов атн. айыл округуна караштуу. Талас суусунун сол өйүзүндө, Талас – Суусамыр автомобиль жолунун боюнда, дениз деңг. 1500 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Көк-Ой кыш-нан 12 *км* чыгыш тарапта. Жамбыл т. ж. бекетинен (Казакстан) 110 *км*. Кыштак 1929-ж. негизделген. Калкы 2284 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, мончо бар.

КӨК-ТОНДУ, П р а в д а – Жалал-Абад обл-нун Базар-Коргон р-нундагы кыштак. Могол айыл округуна караштуу. Ачы токой чарбасынын аймагында. Кара-Үңкүр суусунун оң өйүзүндө, Базар-Коргон – Арстанбап жолунун жээгинде, дениз деңг. 1040 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 32 *км* түн. тарапта. Облустун борбору ж-а т. ж. бекети Жалал-Абад ш-нан 65 *км* аралыкта. Кыштак 1932-ж. негизделген. Калкы 3125 (2007); негизинен токойчулукта, дыйкан чарбаларында эмгектенип, мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар. Кыштакта кыргыз телекөрсөтүүсүн негиздөөчүлөрдүн бири, КРдин эл артисти Б. *Каипов* туулган.

КӨК ТОЮТ – жаңы чабылган чөп же жайытта мал откорулуучу өсүмдүк. Мал К. т. м-н эрте жаздан кеч күзгө дейре үзгүлтүксүз тоюттандырылат. Табигый ж-а эгилме жайыт, көп ж-а бир жылдык чөп, тоюттук бакча өсүмдүгү (кабак, ашкабак ж-а дарбыз), азык тамырлуу (турнепс, тоют кызылчасы, тоюттук сабиз) ж. б. өсүмдүктөр К. т. болуп эсептелет. К. т. негизинен үчкө бөлүнөт – табигый, эгилме ж-а аралаш. К. т. үчүн пайдаланылуучу чөп өсүмдүктөрүнүн сабагы катканга чейин 60–80% суу, 2–6% чийки протеин, 0,2–2% май, 6–2% азотсуз заттар, 4–25% клетчатка, 2–7% күл кармайт, о. эле каротинге, витаминге бай. 100 *кг* чанак уруктуу өсүмдүктө 15–20 тоют бирдиги ж-а 3–3,5 *кг* аш болумдуу протейин болот. К. т. малга сиңимдүү болгондуктан, негизги тоют катары эсептелет. Суткасына уй 40–80, кой 6–9, чочко 8–12, жылкы 40–50 *кг*. К. т. жейт. Малды К. т. м-н үзгүлтүксүз камсыз кылуу үчүн ар бир дыйкан чарбасы мүмкүнчүлүгүнө жараша жашыл конвейер уюштуруп алса болот.

КӨКТӨМ, к ө к т ө ө – көк чыккан мезгил, эрте жаз.

КӨКҮМБАЙ Чыны уулу (19-к-дын 2-жарымы – 1934/35, Фрунзе) – Жумгал өрөөнүнөн чыккан белгилүү манап. *Кыргызстандын Россияга каратылышынан* кийин бир нече жолу болуш болуп шайланган. 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөш (к. *Үркүн*) учурунда кол курап, Жумгал элин орус акимчилигине каршы уюштуруучулардын ж-а жетекчилердин бири катары таанылган. Көтөрүлүш жеңилгенден кийин Кытайга качып, 1918-ж. өз жерине кайтып келген. 1920-жылдардын аягында Совет өкмөтү аны байманаптын өкүлү катары камакка алып, бир нече жыл суракта жүрүп каза болгон.

Д. Сапаралиев.

КӨКҮМ БИЙ, К ө к ү м Б а г ы ш у у л у (т. ж. б. – болжол м-н 1629-жылдан кийин) – кыргыз элинин белгилүү бийлеринин бири. Санжыра б-ча Багыштын атасы Жанкороз (Карачоро), анын атасы Тагай бий деп айтылат. 17-к-да ойрот урууларынын биригүүсү башталып (к. *Жуңгар хандыгы*), кыргыз-казактар аларга туруштук берүү үчүн бирдиктүү союз түзүшкөн ж-а Эр *Эшимди* хан көтөрүшкөн. Ал 1629-ж. Ташкентте хан болуп турган Турсунду өлтүрүп, катагандарды кырган. Анын ордуна Эшим хандын ишенимдүү адамы катары К. б. Ташкент ш-на улук болуп дайындалган. Элдик санжырада анын саясий таасири өтө жогорулап баратканын көрө албагандыктан, казактын дуулат (чанычкулу) уруусунан Карабайтик уу берип өлтүргөнү ж-а ошол себептен кыргыз-казактын ынтымагы кеткени айтылып калган. Кээ бир маалыматтарда (мис., А. Левшин, М. Тынышбаев) 1740-ж. Ташкенттен дуулаттар куулуп, калмактардын атынан аны К. б. бийлеп калган деген жаңылыш кабарлар да кезигет. Соогү Ташкент ш-на (азыркы Шайхантаур р-ну, Карлыгач мазары) коюлуп, Эшим хандын буйругу м-н чоң күмбөз салынган. Күмбөздүн тобосү көк сыр м-н сырдалгандыктан, «Көкүмдүн көк күмбөзү» аталган. Бул күмбөздүн калдыгы азыркы күнгө чейин сакталып турат. Тооке Жаангер уулунун (Эшим хандын небереси) тушунда К. б-дин уулу Тейиш бий (Кан-Тейиш) кыргыз-казактар ынтымагын түзүп, эки элдин биримдиги бекемделген. Тейиштин уулдары Аккочкор, Каңкы Жаңыл Мырзанын окуяларында эскерилет.

Ад.: *Валиханов Ч. Ч.* Соч. в пяти томах. Т. 1. А., 1961; *Тоголок Молдо.* Тарых, түпкү аталар// Кыргыздар. Б., 1991; *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы.

Т. 1. Б., 1993; *Левшин А. И.* Описание Киргиз-Кайсацких орд и степей. А., 1996; *Тынышпаев М.* История казахского народа. А., 1998. *Т. Асанов.*

КӨК ЧАЙ ЧӨП (Origanum) – өсүмдүктөрдүн эрин гүлдүүлөр тукумундагы уруусу. Сабакка түшташ жайгашкан жөнөкөй жалбыректуу, бийик. 20–50 *см* болгон көп жылдык өсүмдүк. Гүлү майда, мала же көгүш кызыл. Топ гүлү шыпыргыдай же калканчадай. Евразияда 20дан ашуун түрү өсөт. Кырг-нда 2 түрү кездешет. Алар токойдун ачык жеринде, өзөн боюнда, нымдуу боздоңдо, жапыз тоолордон субальпы алкагына чейин таралган. Курамында эфир майы, боёк заттар, аскорбин к-талары бар. Кургатылган



гүлү м-н жалбырагы медицинада, ликёр-арак чыгарууда, о. эле тамакка жагымдуу жыт берүү үчүн колдонулат.

КӨК ЧӨП УНУ – кургатылган чөптөн жасалма жол м-н алынуучу витамин-белоктуу тоют. Эгилме көп жылдык беде м-н дан-буурчак өсүмдүктөрүнүн аралашмасынан же бир жылдык буурчак, маш буурчак, судан чөбүнөн, о. эле кант кызылчасы м-н сабиз жалбырагынан даярдалат. Бир *га* сугат жерден 10–15 *т* К. ч. у. алынат. Ал чанактуу өсүмдүктөр тегиз сабактаганда, дан өсүмдүктөрү баш алар алдында чабылат. Сапаттуу даярдалган К. ч. у. протеинге бай келип, 90–95% аш болумдуу заттан турат. К.ч. у-н даярдоо жолу: чөп чабуу, майдалоо, кургатуу, унга айлантуу, бүртүктөө, идишке (негизинен кагаз кап) салуу. Ун кургак ж-а караңгы кампада сакталат. К. ч. у. мамл. стандарт б-ча 5 сортко бөлүнөт. 1-сорттогу 1 *кг* унда 230 *мг*, 2-сортунда 180 *мг*, 3-сортунда 150 *мг*, 4-сортунда 120 *мг*, 5-сортунда 80 *мг* каротин болот. К. ч. унда 12–20% протеин, 35% клетчатка бар. Бир *кг* чөп унунда 0,7–0,8 тоют бирдиги болот. Аны м-н малдын бардык түрүн тоюттандырат. Малга буулабай берилет.

КӨКЧӨ-ТОО – Казакстандагы шаар (1944–97-ж. Кокчо-Тоо обл-нун борбору болгон). Копа көлүнүн жээгинде жайгашкан. Респ-нын борбору Астана ш-нан 276 *км* түн.-батыш тарапта. Калкы 133,1 миң (2003). Тамак-аш (эт комбинаты, сүт ж-а балык з-ддору) женил, машина куруу, металл иштетүү, хим., картон-кагаз ж. б. ө. ж. ишканалары иштейт. Ун-ттер (мамл., тех.), ин-ттар (экономика, менежмент), мамл. коллеждер, 2 театр, филармония, стадион, 6 спорт мектеби бар.

КӨК ШИМҮҮР, к о к к а т ы н (Salvia) – өсүмдүктөрдүн эрин гүлдүүлөр тукумунун уруусу. Бир же көп жылдык өсүмдүк. Сабагы бутак-[illegible] бийикт. 50–[illegible] жетет. Ка-[illegible]дей майда топ [illegible] шыпыргыдай [illegible] топ гүлдү түзөт. Гүлдөрүнүн түсү мала, кызыл, көгүш кызыл, кочкул көк. Жер жүзүндө 700гө жакын түрү, Кырг-нда 8 түрү



белгилүү. Өрөөндөн тартып тоонун субальпы алкагына чейинки боздоңдо, шалбаада, суу боюнда, жол, арык жээгинде, кээде аңызда өсөт. Бардык түрү эфир майлуу. Мускаттуу К. ш. айрым өлкөлөрдө атайын айдалат. Гүлүнөн эфир майы алынып, ал парфюмерияда, самын кайнатууда, шарап чыгаруу ө. ж-нда пайдаланылат. Мускаттуу К. ш-дүн жапайы түрү Кырг-ндын тоолорунда да кездешет. Дарылык К. ш. атайы өстүрүлүп, дары-дармек алынат. Ал түр чала бадал, бийикт. 30–70 *см*, жалбырагы майда, 0,5–2,5% эфир майы бар.

КӨЛ — жер бетиндеги суу толуп калган табигый туюк чуңкурдук. К. чанактары тектон. кыймылдан, мөңгү, дарыя аракетинен (эски нуктагы көл), деңизден бөлүнүп калышынан (лагуна, лиман), жерди суу жемирип кетишинен (карст, термокарст), жанартоодон (очкон жанартоо кратеринде), кочкү-боготтон, жасалма жол м-н (суу сактагыч, көлмө) пайда болот (к. таблицаны). Суу балансы б-ча: агып чыкма ж-а туюк, суусунун хим. курамы б-ча: тузсуз ж-а минералдуу К-дөргө бөлүнөт. К-дөр Жер шарындагы кургактыктын 1,8% ке жакын аянтын ээлейт

Ички-Тенир-Тоодогу кооз көлдөрдүн бири – Ак-Көл.



Кыргызстандагы ири көлдөр

Көлдүн аты	Географиялык абалы	Аянты, миң *км²*	Деңгээлинин бийиктиги, *м*	Эң терең жери, *м*
Ысык-Көл	Респ-нын түн.-чыгышында	6 236	1 640	668
Сонкөл	Ички Тенир-Тоодо	270	3 013	13,2
Чатыр-Көл	Ички Тенир-Тоодо	153,5	3 520	16,5
Сары-Челек	Түштүк-Батыш Тенир-Тоодо	4,9	1 873	234
Кара-Суу	Фергана тоо тизмегинде	4,2	1 998	153
Кулун	Фергана тоо тизмегинде	3,3	2 856	91
Кол-Укок	Тес[illegible] Ала-Тоодо	1,2	2970	27
Ала-Көл	Тес[illegible] Ала-Тоодо	1,3	3 532	73
Мерцбахер	Ичк[illegible] Тенир-Тоодо	4,5	3 304	–
Беш-Таш	Тал[illegible] Ала-Тоосунда	0,5	3 008	28

(2,7 млн *км²*дей[illegible] Түйнодогу эң чоң К. – *Каспий деңизи* (аянты 3[illegible] *км²*), эң терең көл – *Байкал* көлү (1620 *м*), эң түнүк тоо К-ү – *Ысык-Көл*.

КӨЛ-АЛМАТЫ АШУУСУ Иле Ала-Тоосунда, Көл-Алматы (Чоң Кеминдин оң куймасы) ж-а Чоң Алматы сууларынын башынан орун алган. Бийикт. 3520 *м*. Ашууда сонку рифейдин гнейстүү гранит-диорит, тоналит, кварцтуу монцонит интрузия тектери жатат. К.-А. а. м-н Казакстандын Алматы обл-нун малчылары Чоң Кемин өрөөнүнө мал ашырат. Ашуу июнь айында ачылып, ноябрда жабылат.

КӨЛБАЕВ Абдыжалый (2. 10. 1895, Ысык-Көл обл., Тоң р-ну, Төрткүл айылы – 23. 11. 1976, ошол эле жер) – педагог. 1907-ж. азыркы Каракол шаарында, кийин Ташкент ш-ндагы борб. КПТнын алдындагы парт. сов. мектепте окуган (1921). Жети-Өгүз р-нуна караштуу Тосор айылындагы мектептин директору (1936–38), 1938-жылдан Тоң р-нундагы мурдагы Ворошилов атн. Кызыл-Дөбө сегиз жылдык мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 56 жыл мугалим болуп эмгектенген. Ленин ордени (1949) ж-а медалдар м-н сыйланган. 1991-ж. Тоң р-нундагы Жер-Үй мектебине, айылдын бир көчөсүнө анын ысмы коюлган.

КӨЛБАЕВ Кусеин (25. 11. 1908, Чүй обл., Аламүдүн р-ну, Көк-Жар айылы – 18. 02. 1981, Фрунзе) – көрүнүктүү мамл. ж-а коомдук ишмер. Кыргыз ССРинин эл чарбасынын автожол тармагын түзүүчүлөрдүн бири. Калинин (Тверь ш.) пед. (1930) ж-а Ленинград жол ж-а катнаш (1935) ин-ттарын бүтүргөн. 1935–38-ж. «Памиркурулушта» инженер-прораб, жол курулуш участкасынын башчысы, Фрунзе – Ош автожол куруу башкармасынын өндүрүш-тех. бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1938-ж. Кырг-н КП БКнын 2-секретары, 1939–43-жылдары Автомобиль транспорт эл комиссары. Кыргыз ССР ЭКСтин Советинин торагасы



(1943–47), Кыргыз ССР А. ч. министринин 1-орун басары (1947–48), Коммуналдык чарба министри (1948–53), Автомобиль транспорт ж-а шоссе жол министри (1953–71) болуп эмгектенген. К. жетектеген мезгилде Фрунзе – Ош, Фрунзе – Каракол ж. б. көптөгөн автомобиль жолдору, Бишкектеги чыгыш автобекети, Кыргыз жол транспорт долбоорлоо ин-ту, Кыргыз жол-транспорт ж-а шоссе жолдор министрлигинин имараты ж. б. ири курулуштар бүткөрүлгөн. 1971-жылдан өмүрүнүн акырына чейин респ-нын Автожол министрлиги тармагында иштеген. Ал Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1959, 1963, 1967) болуп шайланган. Бишкек автожол окуу жайына, Бишкек ш-нын бир көчөсүнө, Бишкек – Ош жолундагы Төө-Ашуудагы тешкен тоого (тоннелге) К-дин ысмы ыйгарылган. 4 Эмгек Кызыл Туу, 2 «Ардак белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. *Б. Бегалиева.*

КӨЛБАР – Тогуз-Торо өрөөнүндөгү суу, Көк-Иримдин оң куймасы (Нарын д-нын алабы). Тогуз-Торо р-нунда. Уз 40 *км*, алабынын аянты 161 *км²*. Куралуу аянтынын деңиз деңг. орт. бийикт. 2830 *м*. Негизинен кар, бир аз мөңгү суулары-нан куралат. К-дын 35 куймасы бар. Жайында кирип, күзүндө тартылат. Июль айында ташкындайт. Жылдык агымынын орт. чыгымы 1,2 *м³/сек*, модулу 8,1 *л/сек·км²*.

КӨЛ БУКА (Botaurus) – кунас сымалдар түркүмүнүн кытандар тукумундагы куштардын 2 уруусу (чоң ж-а кидик К. б.). Алар суу жээгиндеги өлөн чөп, камыш, бадалдуу жерде жашырын, бириндеп жашайт. Коркунучту сезгенде, өсүмдүк арасына денесин тик керип, душманынан жашынат. Жубу м-н жашап, жерге, бадал түптөрүнө уялап, 4–9 жумуртка тууйт, 28–30 күн басат. Балык, бака ж-а омурткасыздар м-н азыктанат. Бардык континентте таралган 14 түрүнүн төртоо КМШ өлкөлөрүндө, Кырг-нда эки түрү бар. Жазында эркеги катуу үн чыгаргандыктан, К. б. деп аталган.





КӨЛДӨЛӨҢ, б о с т е к – ашатып өндөгөн сансаң (саксак) териден жасалып, шырдак, ала кийиз, таардын үстүнө төшөлүүчү үй буюму. Эки-үч териден жасалат, терилердин бучкактары кесилип таштalып, калганы тегизделип, ортосунан жөрмөлүп бириктирилет; К. ичтелип, тегереги кобоолонөт. Отурууга жумшак, ыңгайлуу болот.

КӨЛМӨ – жер бетинде табигый (көл) же жасалма (суу сактагыч, абыз ж. б.) жол м-н пайда болгон туруктуу же мезгилдүү, туюк же басаңдаган суу агымдарына толуп турган чункур жерлер.

КӨЛМӨЛӨРДҮН ЭКОЛОГИЯЛЫК ЗОНАЛУУЛУГУ – суу көлмөлөрүндө ар кандай организмдердин ж-а алардын коомдоштуктарынын таралуусунун түрдүү тилкелеринин болушу. Ал организмдердин жашоо шартынын көлмөнүн үстүнкү бетинен терендикке ж-а жээктен ортосуна карай алмашуусунан келип чыгат. Мында сырткы чөйрөнүн ар кандай факторлорунун (темп-ра, жарык, гидростатикалык басым, көл таманынын рельефи, жээктен алыстыгы, трофикалык шарттар ж. б.) өзгөрүшү негизги маани ээ.

КӨЛМӨ-СУУ АМЕТИ́СТ КЕНИ Талас р-нунда, Талас ш-нан 32 *км*. 1980-ж. табылган. Аметист колбин интрузия массивиндеги тектон. жаракалар аймагы м-н байланышкан. Участканын 60% аянтын азыркы убактагы борпоң тектер ээлеп жатат. 100 *мге* созулган делювий тилкесинде аметисттин чачындысы жолугат. Аметист көгүш кызыл (көк) түстө, кристаллдарынын уз. 4–5 *см*. Зергердик буюмдарга жарай турган жогорку сапаттагы кристаллдары кездешет.

КӨЛӨМ – геом. нерсенин сандык мүнөздомолорунун, негизги чондуктарынын бири. Мис., тик бурчтуу параллелепипеддин К-у анын жактарынын узундуктарынын (узуну, туурасы ж-а бийиктиги) көбөйтүндүсүнө барабар. Турмушта керектелүүчү жөнөкөй нерселердин К-ун эсептоо геометриянын өнүгүүсүнө түртkү болгон. Байыркы египеттиктер, вавилондуктар К-ду эсептоодо эмпирикалык эрежелерди колдонушкан. *Евклид* («Негиздер») м-н *Архимеддин* эмгектеринде *цилиндр, конус, шар* ж-а анын болуктөрүнүн К-ун эсептөөчү формулалар болгон. Азыр нерсенин К-ун эсептөөго пределдер теориясы колдонулат. Нерсенин пределдик К-у анын К-ун берет. Нерсенин К-у *интеграл эсептоолор* м-н так берилип, V м-н белгиленет. Ар кандай нерсенин К-у төмөнкү формула м-н аныкталат: $V=\iiint dxdydz$, мында (x, y, z) – мейкиндиктеги Декарт координата системасы. К. көптүктөрдө чен түшүнүгүндө жалпыланат. Ченге ээ болбогон көптүк ченемсиз деп аталат.



КӨЛӨМДҮК АНА́ЛИЗ – аныкталуучу зат м-н эритмеде же газ фазасында реакцияга кирген реагенттин санын өлчөөгө негизделген сан анализи. Буга *титриметрия* ж-а газ анализи кирет. Титриметрияда аныкталуучу зат м-н реакцияга кирген титранттын көлөмүн өлчөйт. Реагенттин концент-сы белгилүү болгон эритмеси титрант деп аталат. Титрантты аныкталуучу заттын эритмесине бюретка аркылуу тамчылатып кошуу процесси титрлоо деп аталат. Титрлоо эквиваленттик чекитке, б. а. реакция бүткөн учурга чейин жүргүзүлөт. Ал индикатордун жардамы м-н аныкталат. Титрлөөгө сарпталган титранттын көлөмү ж-а концент-сы аркылуу заттын саны табылат. К. а-де колдонулуучу реакциялардын түрүнө карата кислота-негиздик, окистендирүү-калыбына келтирүү, чөкмөгө чөктүрүү ж-а комплекстүү бирикме пайда кылуу м-н титрлоо ыкмалары бар. Газ анализинде газдардын аралашмасындагы аныкталуучу газды тандап сиңдиргич сорбентке сиңдирип алгандан кийин аралашманын баштапкы көлөмүнүн азайышы б-ча анын көлөмү табылат.

КӨЛӨМДҮК БУРЧ, н е р с е л и к б у р ч – багыттоочу сызыгы айланага геоморфтуу болгон конустук беттин (конустун) бир көндөйү м-н чектелген мейкиндиктин болүгү (1-сүрөт).



1-сүрөт



2-сүрөт

К. б-тун жеке учуру үч грандуу ж-а көп *грандуу бурчтар*. 2-сүрөт. К. б-тун чен бирдиги стерадиан (гр. stereos – мейкиндиктик, нерселик ж-а *радиан*), белгилениши: *ср*. Стерадиан – бурчтун чокусуна сыртан сызылган, аянты сфераның радиусунун квадратына барабар болгон бетти чектоочу К. б. Толук сфераның көломдук бурчу 4р *ср*ге барабар.

КӨЛӨП (КУЛЯБ) ВИЛАЙЕТИ – Аму-Дарыянын жогорку агымындагы Ысар (Гиссар)-Алай кырка тоо этектерин камтыган аймак. 16-к-да кыргыздар Алай ж-а Каратегинди ээлеп, 17-к-дын 1-жарымында калмактардын кысымына байланыштуу (к. *Кыргыз-калмак согуштары, Махмуд ибн-Вали*) батышка Ысар-Көлөптү карай жылып, К. (К.) в. м-н чектешип калган. Натыйжада кыргыздар м-н коңшулаш К. (К.) в. ж-а Бухара хандыгынын ортосунда чек ара б-ча айрым келишпес мамилелер жаралган. 17-к-дын 20-жылдарынын аягында Балхтын бийлоочусу Аштарханид Надар-Мухаммед Абд ар-Рахман аталык кыргыздарга кол салып, Алайга чейин жеткен. 17-к-дын аягында да калмак кысымынан улам кыргыздардын басымдуу болугу Куляб аймагына көчүп кетишкен. Бул тууралуу калк арасында «Казак кайың саап, кыргыз Ысар-Көлөпко кетти» деген соз калган. 18-к-да Бухара хандыгына караган бир вилайети да К. (К.) в. деп аталган. *Т. Асанов.*

КӨЛ-СУУ – Кавказаал тоо тизмегинин бир тармагы Сары-Белес тоосундагы көл. Ак-Сайдын оң куймасы – Көк-Кыянын алабында, деңиз деңг. 3514 *м* бийикте жайгашкан. Урап түшкөн тоо тектердин өрөөндү бөгөп калышынан пайда болгон. Аянты 4,5 *км*^{2}, терендиги 20 *м*ге чейин, суу куралуу аянты 488 *км*^{2}. Өрөөндүн формасын кайталап, түндүктөн түштүктү карай 5 *км*ден ашык созулуп жатат. Туурасы 800–1000 *м*. Агып чыккан суу Көл-Суу деп аталып, Көк-Кыяга куят. Алабында жалпы аянты 2,7 *км*^{2}ден ашык мөңгүлөр бар.

КӨЛ ТААНУУ, л и м н о л о г и я — кургактыктагы көлмөлөрдү (көл, суу сактагыч ж. б.) изилдөөчү илим. Көл чанактарын изилдөөдө гидрология, гидробиология, гидрохимия, гидрофизика, геоморфология ж. б. илимдердин ыкмалары колдонулат. К. т. илими көл чанактарынын түзүлүшүн ж-а өнүгүшүн, формасын, өлчөмүн, пайда болушун, көл түпкүрүндөгү чөгүндүлөрдү, суунун физ. ж-а хим. касиеттерин, алардын курамын ж-а өнүгүшүн, гидрол. режимин (суу балансы, термелүү деңгээли, толкундоосу, агымы, чайпалышы), муз кубулуштарын, гидрохим. өзгөчөлүктөрүн, өсүмдүк ж-а жаныбарлар дүйнөсүн изилдейт.

КӨЛ-ТӨР – бийик тоолуу төрлөрдө, мөңгүнүн этегинде жайгашкан, морена-мөңгүнүн аракетинен пайда болгон чакан көлдөрдүн түрү. Кыргыз Ала-Тоосу, Күнгөй Ала-Тоо, Тескей Ала-Тоо ж. б. тоолордо жайгашкан көлдөрдүн ж-а суулардын энчилүү аттары, к. *Кол-Тор* колу.

КӨЛ-ТӨР – Нарын кырка тоосунун түш. капталындагы көл. Ат-Башы р-нунун аймагында. Аянты 5 *км*^{2}. Деңиз деңг. 3820 *м* бийикте жайгашкан. Ат-Башы өрөөнүнүн чыгыш болүгүндөгү (Жаны-Жер–Уландын чатына жакын) Көл-Төр суусунун өрөөнүнөн орун алган. Түш.-чыгыш тарабынан зор морена катмары м-н тосулган. Көлдүн чанагы байыркы мөңгүнүн аракетинен пайда болгон. Кар ж-а жамгыр сууларынан толукталат. Чыгыш жак жээги аскалуу, батышынан жалгыз аяк жол отот. Айланасында жапалак арча, о. эле тоо куйрук, ит мурун ж. б. бадал өсүмдүктөрү өсөт. Көлдүн бөгөтүнөн сарыгып агып чыккан суу Ат-Башыга оң тараптан куят.

КӨЛ-ТӨР – Ысык-Көл обл-нун Тоң р-нундагы кыштак. Көл-Төр айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 2040 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Бөкөнбаев кыш-нан 30 *км* түш.-батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 82 *км*. Кыштак 1932-ж. орношкон. Калкы 1913 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КӨЛ-ТӨР МӨҢГҮСҮ, А н а с т а с и я м ө н г ү с ү – Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 4,9 *км*, аянты 6,8 *км*^{2}. Кегети суусунун (Чүй д-нын алабы) оң куймасы – Көл-Төрдүн төрүнөн орун алган. Башы 4330 *м*, этеги 3420 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 3980 *м*, абляциясынын аянты 3,8 *км*^{2}. К.-Т. м. Кыргыз Ала-Тоосундагы моренанын («тоо карындын») астында кыймылсыз жаткан ири мөңгүлөрдөн. Анын «тилин» 3 *км*ге чейин морена каптап калган.

КӨЛ-ТӨР МРА́МОР КЕНИ Чүй обл-нун Ысык-Ата р-нундагы Ивановка кыш-нан 50–60 *км* түш. тарапта, Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталындагы Көл-Төр суусунун оң жак ойүзүндө жайгашкан. 1962-ж. табылган. Кен аймагын протерозой м-н девон мезгилиндеги метаморфизмделген тектер түзөт. Пайдалуу катмар мрамордон туруп, протерозойдун бүктөлүп талкаланган тектеринин арасында жатат. Катмардын уз. 80 *м*, калыңдыгы 6–8 *м*. Мрамор майда кристаллдуу, массивдүү. Өңү агыш боз, арасында оливиндин жашыл темгилдери, сейрек тактары, айрым жерлерде каралжын боз, кара тактары учурайт. Жакшы сайкалданат. Орт. блоктуулугу 20×20×10 *см*. Имараттардын дубалдарын каптап кооздоого жарамдуу такталарды алууга болот. Запасы мол.

КӨЛ-ҮКӨК – Кочкор өрөөнүндөгү суу, Чүй д-нын оң куймасы. Тескей Ала-Тоонун батыш бөлүгүнүн түн. капталынан башталат. Кочкор р-нунда. Уз. 37 *км*, алабынын аянты 75,8 *км*^{2}. Суу чогултуучу аймагынын деңиз деңг. орт. бийикт. 3000 *м*. Негизинен кар ж-а мөңгү суулайынан куралат. К.-Ү-түн 28 куймасы бар. Июль айында ташкындап, февралда тартылат. Жылдык орт. чыгымы 0,9 *м*^{3}/*сек*. Алабында жалпы аянты 1,4 *км*^{2}ден ашык көлдөр, 14,9 *км*^{2} келген мөңгүлөр бар.

КӨЛ ЧӨКМӨЛӨРҮ – чокмө тектердин көл түбүнө чоккон катмарлары. Пайда болушу б-ча мех. (майда, орто, кесек, сай таш, кум, чопо), хим. (бор, мирабилит, таш туз, гипс, акиташ, сода ж. б.), орг. (чым көң, сапропель, диатомит, дарыбаткактар ж. б.) түрлөрго бөлүнөт. Туздуу ж-а тузсуз чөкмөлөрдөн турат. Тузсуз көлдөрдүн чет тарабынан мех. чөкмөлөр (түрдүү чондуктагы

таштар, кумдар), орто жеринен чопо, мергель орун алат. Булардын арасында өсүмдүктөр м-н жаныбарлардын калдыктары кездешет. Көл соолуй баштаганда жээктеринде чым көн, ортосунда сапропелит ылайы пайда болот. Туздуу, шордуу көлдөрдө хим. чөкмөлөр чогот. Көлдөр ар түрдүү (мөңгү, карст көлдөрү ж. б.) болгондуктан, пайда болгон чөкмөлөрү да түрдүүчө. Климаттык шарт (ариддик же гумиддик) ар түрдүү чөкмөлөрдүн пайда болушуна алып келет. К. ч. талкаланган тектердин кесектиги б-ча иргелиши, анчалык калың эмес катмарланышы, кээде линза түрүндө орун алышы м-н айырмаланат.

КӨЛЧҮКЧҮЛӨР (Iymnaeidae) – омурткасыз жаныбарлардын моллюскалар тибиндеги курсак буттуулар классы. Дүйнөдө 500 000ден ашык түрү бар 3 классчага; (алдынкы бакалоордуулар, арткы бакалоордуулар, өпкөлүүлөр) бөлүнөт. Булар көлчүктө, көлдө, дарыянын жай аккан жеринде кездешет. Денеси тулку бою, баш ж-а буттан турат. Үлүл кабыгынын тешиги аркылуу башын, тулкусунун алдынкы бөлүгүн ж-а бутун гана чыгара алат. Тулкусу сыртынан мантия м-н капталган. Тулкусунун алды жагында башы, жуп тинтүүрү, көзү жайгашкан. Өпкөсү м-н дем алат. Нерв түйүндөрү, сезүү органы, тамак сиңирүү, дем алуу, кан айлануу (туюк эмес), бөлүп чыгаруу, көбөйүү органдары жакшы өнүккөн. Гермафроддиттер. Чондугу бир нече *см*ден 65–70 *см*ге (кадимки көлчүк үлүлү) жетет. К. суу алдындагы бир нерсеге узун жип сымал кылып жабыштырып, жумурткасын таштайт. Өсүмдүк м-н азыктанат. Көпчүлүгү мите курттардын (жалпак, тасма ж. б.) аралык ээси болуп, жаныбар ж-а адамга зыян келтирет.

КӨМӨЛДҮРҮК – ат жабдыктарынын бир бөлүгү. Мингичтин омуроосунан алып, бир учу ээрдин аттанар жагындагы чагаракка, башка учу экинчи жактагы тогоого бекитилип, үчүнчүсү мингичтин эки астынкы бутунун ортосунан өткөрүлүп, басмайылга бекитилүүчү кайыш. Өр таяна бастырганда ат токулгасы артка жылып кетпес үчүн тагылат. К-түн олоң тили, жүрөкчөсү, учундагы кош сүзмөсү чагарактар аркылуу туташкан. К-түн капталдары кайыштан чачыланып, үстү күмүш, жез, темир, коло купалар, чөрлөр, солондор м-н аземделип кооздолгон. Кыз-келиндердин ээр-токумундагы К. мыкты терилип согулган ж-а чачы чыгарылган сызмадан да жасалган.



КӨМӨЧ – көмөч казанга жабылып, оттун чогуна көмүлүп бышырылган нан (к. *Көмөч казан*). К-түн бир нече түрү бар. Жумуртка, пияз кошулуп, сүткө жуурулган камырды (ачыган) жука жайып, бетине туурамжы (майдаланган сулп эт, ич май, пияз, сарымсак ж. б. татымалдар) салып, үстүнө дагы бир кабат жука жайылган камырды беттеп жаап, четтерин бекитип, аны көмөч казанга жүктөп, бышканча чокко коомп коёт. Мындай К. – *катама* К., курамында ич май болсо, май К., *коюндун* загырасы кошулса, загыра К., пияз кошулса пияз К. деп аталат.

КӨМӨЧ КАЗАН, таба, көмөчтөн – нан бышырууга колдонулуучу чоюн идиш. Өзүнчө эки (астынкы ж-а үстүнкү) бөлүктөн турат. Чокко ысытылган К. к-ды ич май м-н майлап, ага ачыган камырды тегиздеп жаап, К. к-дын үстүнкү бетин (экинчи пайын) көмөрүп коёт; чок астына төшөлүп, үстүнө көмө үйүлөт. Мындай бышырылган нан **көмөч нан** деп аталат. Көмөч нан жумшак, кубаттуу ж-а тогумдуу келет.



КӨМҮРДҮ АКТИВДЕШТИРҮҮ – таш көмүр же жыгач көмүрүн чайыр сыяктуу заттардан ажыратып, көп сандаган майда көзөнөкчөлөрдү пайда кылуу. Беттери жогорку сапатка ээ болгон көмүрлөр көптөгөн заттарды (углеводдор ж-а алардын туундулары – эң жакшы, ал эми спирт, аммиак, суу ж. б. начар адсорбцияланат) өзүнө сиңирип алуу касиетине ээ болот. Кээ бир полимерлер көмүрдү термиялык жол м-н эзип, жибитип (абасыз көмүрго айландырууда), өтө майда көзөнөкчөлөрдү пайда кылат. Өтө майда көзөнөкчөлүү көмүрлөр аз заттар болсо деле сиңирип алууга жөндөмдүү келет. Ири көзөнөктүүлөрдө *капиллярдуу конденсация* процесси жүрөт. К. а. өтө керектүү орг. заттарды алууда, суулуу эритиндилерден орг. бирикмелерди бөлүүдө, соргучтарды жасоодо, ичеги-карындагы зыяндуу заттарды тазалоодо колдонулат, к. *Адсорбция*.

КӨМҮРДҮ ГАЗГА АЙЛАНДЫРУУ – жердин терендигиндеги эркин же бирикме түрдөгү кычкылтектин жардамы м-н көмүрдү газга айландыруучу физ.-хим. процесс. Кабыл алынган система тоо-кен-геол. шартка жараша тик, жантайынкы, жантайынкы-түз көзөнөктөрдөн турат. Көмүр катмарында көзөнөктөрдү пайда кылуу үчүн чыпкалуу бургулоо же суу м-н катмарды талкалоочу көзөнөк талап кылынат. Көзөнөктөрдө реакция аймагы түзүлөт. Ошондон кийин гана акырындык м-н газга айландыруу иши башталат. Иш үйлөтүү жолу м-н жүрөт. Катмарлардагы көзөнөктөрдө жүрүүчү хим. реакция газ генераторунда жүрүүчү процесске окшошуп кетет. Көмүрдү газга айлантканда, реакция аймагы орун которуп жылып турат. *Тоо басымынын* таасиринен үстүнкү тоо тектер басырылат. Анан газга айланган бош аянтты басып калат. Натыйжада көмүрү газга айланган жердин олчому м-н түзүлүшү көпкө чейин туруктуу болуп турат. Мында технол. тутум эки түрдө жүрөт: биринчиси – тирөөч тараптагы газ топтолгон бөштүктөр аркылуу газды үйлөтүп чыгаруу; экинчиси – газ топтолгон бөштүктан тироочту көздөй газды үйлөтүп чыгаруу. Үйлөтүп чыгарылган газдын төмөнкү жылуулугу 3,2–5 *МДж/м*^{3}, кычкылтекке байытканда (60–65%) же кычкылтектин буусу м-н үйлөгөндө 7,6 *МДж/м*^{3}. Газдын курамы б-ча аммиак м-н көмүрлүү суутектер синтездөөгө жарактуу. Көмүрдү газга айлантып өтүп өндүрүү иши шахта натыйжасыз болгон учурда гана жүргүзүлөт. К. г. а. ыкмалары: АКШда, Германияда, Японияда ишке ашууда.

КӨМҮРДҮН ӨЗҮНӨН-ӨЗҮ КҮЙҮШҮ – көмүр абадагы кычкылтек м-н өз ара аракетке келгенде кычкылдануу процессинен келип чыккан кубулуш. Буга талкаланган, ураган көмүргө же тазалоо жумуштарын жүргүзгөндө көмүр массаларына белгилүү санда кычкылтектин аралашып кетиши себеп болот. Бул – көп сандаган геол., тоо-тех. шарттарга байланыштуу татаал хим. процесс. Үболонмо, жаракалуу көмүрлөр жеңил тутанат. Шахтадагы абанын курамын, темп-расын алдын ала текшерип туруу иштери өзүнөн-өзү тутануудан сактайт. Тутануу төмөнкү эки себепке байланыштуу: 1) өзүнөн- өзү күйүүгө жөндөмсүз көмүрлөрдө, кычкылданган көмүр м-н кычкылданбаган көмүрдүн күйүү темп-расындагы айырмачылык 10°Сден ашпаса; 2) өзүнөн-өзү күйүүгө жөндөмдүү көмүрлөрдө айырмачылык 25–30°С жетсе. Шахтада орт чыкпасын үчүн казылып алынган бош жерлерге тосмолор орнотулат. Тосмо суюк айнек, суюлтулган чопо, суюк аралашма толтурулуп шыбалат.

КӨМҮРДҮ СУУ МЕНЕН ТАЛКАЛОО, көмүр катмарын суу менен жаракалоо – көмүр кабаттарын суу м-н урдуруп, талкалоо. Көмүрдү жер астынан суунун күчү м-н талкалап, ташып, жер үстүнө алып чыгуу. Мында көмүр *гидромонитор* же *механогидравликалык машина* пайда кылган жогорку басымдагы (5–10 *Мг/м*^{2}) суунун энергиясы м-н талкаланат. Суу борбордон качуучу насос м-н түтүк аркылуу үңүлмөгө забойго жиберилет. Ар кандай чондукта талкаланган көмүр суу м-н агып, жүк ташуучу унаага жүктөлүп, андан ары сыртка чыгарылат. Кен ылгоочу фабрикада кургатылат. Гидрошахталарда тех.-экон. корсоткуч көмүрдү «кургак» казып алууга караганда 1,5–2 эсе жогору болот.

КӨМҮР КАЗУУЧУ АГРЕГА́Т – көмүр шахтасындагы уз. 100–300 *м* келген үңүлмөдө, бардык жумуштарды автоматташтырып иш жүргүзүү механизми. Көмүр казуу, жүктөө, ташуу, конвейерди ишке киргизүү, катмарлардын үстүн уратуу, энергия берүүчү кабелдерди, суу чачуучу шлангаларды пайдалануу, катмардын таманын тазалоо сыяктуу иштер автоматташтырылат. К. к. а. ичке тилкелеп казуучу комбайндан, жылып туруучу конвейерлерден, гидравликалык бекиткичтен, кабель м-н шлангадан, катмардын таманын тазалагычтан турат. Агрегатты автоматтык жол м-н (электр-гидравликалык, гидравликалык) башкаруу штректерде жүргүзүлөт. Агрегат ойдогудай иштөө үчүн катмардын бир калыпта жатышы, калыңдыгы (1,2 мден кем эмес), тез желдетип туруу сыяктуу тоо-кен тех. шарттар талап кылынат. Кырг-нда К. к. а. Ташкөмүр кенинде колдонулат.

КӨМҮР КЕНДЕРИ – о. ж-лык маанеге ээ болгон табигый көмүр катмарлары орун алган жерлер. Аянты 1 *км*^{2}ден тартып, жүздөгөн *км*^{2}ге жетет. Запасы мин, млн, кээде млрд *т* болот. Өсүмдүктөрдүн ташка айланган калдыктарынан пайда болуп, кара түстү берет. Катуу, бек, нык чөкмө тек болуп саналат. Курамында 50% ке чейин ар түрдүү минералдардын кошулмалары (кремний, алюминий, темир, кальций, натрий, калий, күкүрт, фосфор ж. б.) кездешет. Булар чөкмө тектердин арасында катмарланып жатат. Көмүр түзүлүшү, курамы б-ча 3 түргө бөлүнөт: **гумустуу** – татаал түзүлүштөгү өсүмдүктөрдөн пайда болгон, **сапропелиттүү** – жөнөкөй түзүлүштөгү өсүмдүктөр м-н планктондордон келип чыккан, **гумус-сапропелиттүү** көмүрдүн пайда болушуна жогорку ж-а төмөнкү даражада өсүп жетилген өсүмдүктөр кирет. Курамындагы көмүр оксиди б-ча таш көмүр, күрөң көмүр болуп ажыратылат. Пайда болушу 3 генезистик типтен турат. **Геосинклиналдык типте** көмүр катмарлары узатасынан созулуп жатат. Калыңдыгы 10 *км*ге чейин жетет. Көмүр запасы мол, түзүлүшү ар түрдүү. Катмарлар тектон. бүктөлүүлөргө, бузулууларга дуушар болгон. **Платформалык типте** көмүр катмары жука, аран эле жүздөгөн *м*ге жетет. Көмүр кабаттары аз, линза түрүндө болот. Метаморфизм процесси анчалык күчтүү жүрбөгөндүктөн, күрөң көмүргө өткөн. **Өтмө тип геосинклиналдык ж-а платформалык типтердин ортосунда пайда болот. Зор аймакты** ээлеп жатат. Көмүр катмарларынын калыңдыгы 1–2 *км*ге жетет. Астындагы кабаттар аз ж-а бардык жерде кездешпейт. Метаморфизм процесси бардык учурда жүргөн эмес. Ошол себептен күрөң көмүр да, таш көмүр да кездешет. К. к. кембрий мезгилинен тартып, неогенге чейинки тоо тектердин катмарларында жолугат. Энергетикалык отун, хим. сырьё, кокс м-н газ өндүрүү, сейрек кездешүүчү ж-а чачыранды элементтерди (германий, уран, индий, скандий ж. б.) алуу үчүн

колдонулат. Ири К. к. Канада, АКШ, Германия, Кытай, Россия, Казакстан ж. б. жерлерде бар. Кырг-нда көмүр Кара-Кече, Жыргалан, Кызыл-Кыя, Кок-Жаңгак, Таш-Көмүр, Сүлүктү, Тегене, Алмалык ж. б. жерлерден орун алган. Борб. Азиядагы көмүр запасынын 46%и Кырг-нга таандык.

КӨМҮР КОМБАЙНЫ – көмүр казууда бир эле убакта бири-бирине айкалышкан бир нече операцияны (көмүр катмарларын уратуу, аны транспортко жүктөө) аткаруучу машина. Мында көмүр казуучу комбайн – тазалоочу, өткөол жүргүзүүчүсү, өткөолчу комбайн деп аталат. Комбайн көмүр катмарынын калыңдыгына жараша калың, орто, жука катмарды казуучу түрлөрдөн турат. Көмүр катмарларынын орун алышы б-ча горизонталдуу, жантайма, тик катмар казуучу комбайндарга бөлүнөт. Комплекстүү агрегаттар казылуучу катмардын тобосун өзү тиреп, бекитүү иштерин да аткарат. Суткасына 3000–5000 *т* көмүр казып алууга болот. Өткөолчу комбайн көмүр ж-а тоо тектеринен өткөол жүргүзүүчү болуп бөлүнөт. Булардын ондогон түрлөрү бар.



КӨМҮРКӨЙ – устанын аспаптары сакталуучу сандыкча. Ал жыгачтан же шириден ар кандай көлөмдө жасалган; чакан К-дүн капкагынын үстүндө, чоң К-дүн эки жан жагында туткасы болгон. К-дө чеберлердин темирчиликке, зергерчилик, жыгаччылык ж-а теричилик пайдалана турган куралдар сакталган.

КӨМҮР МАРКАСЫ – көмүрдүн ар кандай сортторунун өз. ж-лык белгилери. Мамл. стандарт (ГОСТ) б-ча көмүр бассейндерине жараша белгиленет. Түзүлүшү, метаморфизмделиши, кычкылдануулугу б-ча күрөң көмүр, таш көмүр, антрацит болуп бөлүнөт. Ар бири өз алдынча маркаларга ажырайт. Күрөң көмүр күйүшү, нымдуулугу б-ча Б1 (нымдуулугу 40% тен жогору), Б2 (30–40%), Б3 (30% тен төмөн) маркаларынан турат. Таш көмүр жеңил учуп кетүүчү заттар м-н кошулмаларына жараша: Д – узун жалындуу, Г – газдуу, ГЖ – газдуу майлуу, Ж – майлуу, КЖ – кокстуу майлуу, К –кокстуу, СС – аз кошулмалуу, Т – майсыз маркаларга бөлүнөт. Антрацит болсо, ПА – чала антрацит, А – толук антрацит болуп айырмаланат. Көмүрдүн маркасына жараша технол. тиби аныкталат. Кокс өндүрүүдө Г6 ж-а Г16 маркасындагы сорттор колдонулбайт.

КӨМҮР ӨНӨР ЖАЙЫ – оор индустриянын негизги тармактарынын бири. Көмүр казып алуу, аны ылгоо ж-а брикеттөө иштерин жүргүзөт. Энергия булагы катары, транспортто, хим. ө. ж-нда колдонулат. Көмүрдөн хим. жол м-н 350дөн ашык продукция өндүрүлөт. Россия көмүр казып алуу иштерин 18-к-да баштаган. Натыйжада көмүр өндүрүү кесиптин жогорулаган. СССР көмүр казып алуу б-ча дүйнөдө биринчи орунду ээлеген. Кырг-нда көмүр казып алуу иштери Россия бийлик жүргүзүп турган кезде эле башталган. Кийин СССР убагында бир топ ийгиликтерге жетишкен. 1976-ж. көмүр өндүрүү 1940-жылга салыштырганда 3,1 эсеге оскон. 1976-ж. Кырг-нда 11 көмүр өндүрүп алуучу ишкана иштеген. Респ-кабызда негизинен күрөң көмүр казылып алынат.

Ад.: *Абдрахманов И.* Угольная промышленность Киргизии, Ф., 1970; Киргизстан за 50 лет. Ф., 1974.

КӨМҮР ӨЧҮРҮҮ – жыгач отундун күйгондон кийинки чогун күлгө айлантпай өчүрүп алуу. Жыгач көмүр темир устанын ж-а зергердин негизги отуну болгон. Адатта көмүр сууга жакын токойдо жыйналган жыгачка от жагылып, күйгөн жыгачтын чоктору улам четинен шиленип алынып, даяр ага салынган да, топурак м-н жылчыксыз көмүлгөн же суу (кар) себелеп өчүрүлгөн. Арча, табылгы, четин, шилби, кайын, чычырканак өндүү катуу жыгачтардан өчүрүлгөн таптуу көмүр алтын ж-а темир эритүүдө, ал эми карагай, тал, терек өндүү жумшак жыгачтардын табы күчсүз көмүрү жумшагыраак заттарды (күмүш, жез, калай) эритүүдө колдонулган. Учурда усталар м-н зергерлер таш көмүрдү пайдаланышат.

КӨМҮРТЕК (лат. Carboneum), С – *элементтердин мезгилдик системасынын* IV тобундагы хим. элемент; ат. н. 6, ат. м. 12,011. Жаратылышта туруктуу эки изотоптун аралашмасынан (^{12}C ж-а ^{13}C) турат. Радиоактивдүү изотопторунан маанилүүсү ^{14}C ($T^1/_2$=5570 жыл). Электрондорун оной берүүчү активдүү металлдар м-н болгон бирикмелеринде оксистенүү даражасы 4ко барабар. Элементтердин басымдуу болүгү м-н К. бекем *коваленттүү байланыштагы* бирикмелерди берет, ага К-тин сырткы электрондук катмарындагы 4 электрон толугу м-н катышат. Ошондуктан көмүртек IV валенттүү, бирок II валенттүү бирикмелери да белгилүү, мис., көмүртек оксиди СО (ис газы). К-тин негизги минералдары: табигый карбонаттар, күйүүчү кендер (таш көмүр, күрөң көмүр, нефть, жаратылыш газы, чым коң, күйүүчү сланецтер) түрүндө топтолгон. К-тин орг. бирикмелери тирүү организмдерди түзүүчү материал м-н камсыз кылат. Табиятта алмаз, графит ж-а көмүр түрүндө кездешет. К. болмо темп-расында инерттүү, бирок ысытууда көптөгөн заттар м-н аракеттенет. Абада ысытууда кычкылтек ашыкча болсо, көмүр кычкыл газына (CO_2), жетишсиз болсо, К. (II) оксидине СО чейин кычкылданат да, реакциянын натыйжасында көп сандагы энергия (жылуулук) ж-а жарык бөлүнүп чыгат. Галогендер м-н болгон бирикмелеринен төрт хлордуу К. CCl_4 ж-а хлороформ $CHCl_3$ чоң маанеге ээ. Күкүрт м-н күкүрттүү көмүртекти SC_2 берет. К-тин калыбына келтиргич касиети металлдардын оксиддери м-н аракеттенүүсүндө өзгөчө ачык байкалат, мис., $ZnO + C = Zn + CO$. К. жегичтердин таасирине (ысытууда да) туруктуу. Төмөнкү темп-рада концентр-ланган кислоталар таасир этпейт, бирок 100°Сден жогорку темп-рада ысытуудан аморфтук К. аракетсиздик м-н кычкылданат. К. *хлор, бром* ж-а *йод* м-н реакцияга кирип, галогениддерди берет. Күчтүү окистендиргичтер (HNO_3, $KClO_3$ ж-б.) К-ти окистендирет. Азот м-н электр тогунун таасиринде цианди $(CN)_2$, H_2, N_2 аралашында ысытканда циан к-тасын HCN, металлдар м-н жогорку темп-рада карбиддерди пайда кылат. Алмаздын ири кристаллдары кооздук буюм катары колдонулат. Ал эми майда, тунук эмес кристаллдары же жасалма жол м-н алынган кристаллдары кесүүчү, жылмалоочу ж-а тоо тектерин бургулоочу аспаптарда пайдаланылат. Графиттин ысыкка ж-а агрессивдүү чөйрөлөргө туруктуулугу, электр тогун жакшы өткөрүшү аны ө. ж-да өтө маанилүү материалдардын катарына коёт. Андан куймалар үчүн калыптар, балкытып эритүү үчүн тигелдер (казандар) ж-а өтө чыдамдуу буюмдар жасалат. О. эле графиттин өтө көп болүгү электртех. ө. ж-нда электроддорду, гальваникалык элементтерди ж-а аккумуляторлорду, электр кыймылдаткычтарын даярдоодо, өтө таза графит ядролук реакторлордо нейтрондордун ылдамдыгын төмөндөтүү үчүн колдонулат. Көмүрдөн суюк ж-а газ түрүндөгү күйүүчү заттарды, орг. бирикмелерди синтездеп алууга ж-а кокс, графит ж. б. заттарды алууга болот. Темир куймаларынын (чоюн, болот) компоненти катары маанеси чоң.

Б. М. Мурзубраимов.

КӨМҮСКӨ ЭКОНӨМИКА – 1) ар түрдүү экон. мамилелердин жыйындысы; 2) экон. ишмердиктин эсепке алынбаган, жонго салынбаган ж-а мыйзамдарга каршы келген түрү. Айрым өлкөлөрдө салык башкармалыгына маалыматы түшпөгөн *товарлар* ж-а *кызмат көрсөтүүлөр* м-н алмашуу жүргүзүү К. э. деп аталат. АКШ экономисттеринин баасы б-ча АКШда К. э. жүгүртүү 1989-ж. 750 млрд долларды түзгөн. АКШнын кээ бир экономисттеринин пикири б-ча К. э-ныи кесепетинен салык кобойот же *инфляция* өсөт, анткени К. э-да табылган акчадан салык алынбагандыктан, аныи натыйжасында мамлекет ала турган кирешесинин көп миллиарддаган долларын жоготот да, аныи ордун толтуруу үчүн салыкты кобойтүүгө мажбур болот. К. э-ны көп учурда «экинчи» экономика деп аташат, ал расмий *экономикалык система* начарлаган же бүлүнгөн учурда жолтоо болбостон, ага жардам берүү негизги милдети болгон өндүрүштүк структура катары чыгышы мүмкүн. Ошентип, экон. төмөндөө учурунда жашырын кирешеси булактары бар керектөөчүлөр тигил же бул товарга же кызмат көрсөтүүлөргө кошумча *талап* коюшат, бул *өндүрүштүн* өсүшүнө өбөлгө түзөт. *Тартыштык* шартында рынок жашырын өндүрүлүүчү же сырттан алынып келүүчү товарлар ж-а кызмат көрсөтүүлөр м-н толтурулат, бул инфляциялык процессти токтотууга мүмкүндүк берет. Кыйын мезгилде, мис., ачарчылык учурунда, К. э. азык-түлүк сатып алууда оң роль ойнойт. Экон. ад-ттарда төмөнкүдөй элементтери болуп көрсөтүлөт: 1) формалдуу эмес экономика; 2) жалган экономика; 3) «экинчи» экономиканын жашырын бөлүгү; 4) «жашырын» экономика. Биринчи элементи борб. экон. органдардын, тармактык башкаруу органдарынын, бирикмелердин ж-а *ишканалардын* ортосунда өзгөчө «сооda» процессинде иштейт. Жалган экономика продуктунун *баасында* жалган *нарк*, жалган *керектөө наркы* ж-а жалган компоненттер түрүндө көрүнөт. Кошуп жазуулар, финансы тартибин бузуулар К. э-нын бул элементинин иштөө механизми катары эсептелет. «Жашырын» экономикага мыйзамсыз өндүрүш ишмердиги кирет. Керектөө секторунда алып сатарлык негизги элементи болгон жашырын рынок «жашырын» экономиканын өзгөчө түрү болуп саналат. К. э. базистик категория болгондуктан, ал тиешелүү структураларды: расмий эмес укукту, этиканы, озүнүн тышкы ж-а ички коопсуздук кызматын, парламенттик келкинчты, жашыруунун өздүк идеологиясын пайдаланууга мажбур болот.

КӨН – колго жасалган булгаарынын суу тийсе кооп чыгуучу түрү. Жүнү алынып, челдениш же малмага салынган бодонун же кийиктин териси ашатылып ж-а ийленип, табигый боёкторго (ышкын түп, чүкүрү м-н ат кулактын түбү ж. б.) чыланып даярдалган. Боёк териге сиңгенден кийин колдо же талкууда ийине жете ийленген. К-дөн бут кийим (кепич, өтүк, маасы ж. б.) ултарылган.

КӨНӨК – тоонун терисинен ышталып, кептелип (к. *Кептөө*) жасалган көн идиш. Ага бээ саап, кымыз куят. Чакан К-түн сыйымд. 10–12 *л*ге барабар. Түп жагы оозунан бир аз кенири келип, чоргосу 17–20 *см*дей, бийиктиги 25–30 *см*, диаметри 25–30 *см*дей. К-түн оозуна 3–4 *см*дей жыгач алкак коюлуп, кайрылып тигилип, эки жагынан эшилген же оролгон жоон кылдан боо тагылат. К-түн чоргосунун ички жоон түбүно кыл чыпка



коюлуп, андан саалган сүт өткөн. Сүттүн, кымыздын даамы К-тө бузулбай сакталган. Ышталып, жакшы колдонулган К. көпкө чыдаган. К-түн сыртына, алкагына, чоргосуна оймо-чийме түшүрүлүп, кээде алкагына ж-а боо байланчу жерине жез, күмүш, купалар да чөгөрүлгөн. Учурда К. сейрек кездешет.

КӨНӨЧӨК – төөнүн терисинен ышталып жасалган, көнөктөн кичирээк келген көн идиш. Түп жагынан кууш оозуна жыгач алкак салынып, оозунун эки жагынан тушташ тешик көзөлүп, аларга кылдан, кайыштан боо тагылган. Айрымдарына жыгачтан капкак, о. эле чорго жасалган. К-түн сырты ж-а капкагы оймо-чийме, купа, чачы м-н кооздолгон. К. да *коокор, конок, сабаа* сыяктуу эле ыштыкта ышталып, даяр болгондон кийин урунулган. Суюк тамак, *кымыз, айран* куюуга ж-а каймак жыйноого керектелген.



КӨҢ – Ош обл-нун Кадамжай р-нундагы кыштак. А. Масалиев атн. айыл округуна караштуу. Кадамжай – Кызыл-Кыя автомобиль жолунун боюнда, дениз деңг. 960 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Пүлгөн кыш-нан 33 *км* чыгыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. бекетинен 25 *км*. Калкы 2229 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбасында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана ж-а ФАП бар.

КӨҢДӨЙЛӨӨЧҮ МАШИ́НА – жер астында кен казууда кенташ тулкусуна көндөй же тилке жасоочу машина. Кен казып алууда (мех. жол м-н же жардырып казууда) көндөйлөнгөн тилкенин мааниси чоң. Анткени кен массивинде оюк пайда кылуу кен казуу иштерин бир топ жеңилдетет. Машина тегиз, түз, жантык, тик катмарлардын бардык түрүндө иштей алат. Көмүр ө. ж-нда кеңири колдонулат. Азыркы кезде ар кандай тоо-кен-геол. шартка ылайыкташтырылган түрлөрү пайда болууда. Түрдүү катуулуктагы көмүр катмарынан көндөй тилке жасоодо, аралыктан башкарылуучу МВ-60, КП-1, КМП-3 маркасындагы, кубаттуу кыймылдаткычтуу машиналар колдонулууда.

КӨҢДӨЙЧӨ ф и з и к а д а – жарым өткөргүч кристаллдагы кыймылдуу *электрондук* бош орун (вакансия). К. – жарым өткөргүчтөгү оң заряддуу бөлүкчө. Анын зарядынын абс. мааниси электрондукуна барабар. К. жарым өткөргүчтө электрондор м-н бирдей электр тогун алып жүрөт. К. – катуу нерсенин энергиялык зонасында электрон ээлебеген кванттык абал. К-нүн энергиялык зонасынын жогорку чегинде пайда болгон кыймылы, сырткы электр талаасынын таасири м-н пайда болгон электрондордун толуп калган энергиялык зонасындагы кыймылына эквиваленттүү. К – өткөргүчтүк электрондору сыяктуу эле кристаллдарын электрондук системасынын динамикалык [illegible]иетин аныктоочу квазибөлүкчө. К-нүн на[illegible]жалуу массасы өткөргүчтүк электрондукун[illegible]емейде чоң, ал эми кыймылы аз. Жарым өт[illegible]гүчтөрдө К. валенттик зонанын жогорку че[illegible]де пайда болот. Өткөргүчтүк зонасы толук то[illegible]он *металлдарда* ж-а *жарым металлдарда* К. түшүнүгү айрым учурда, электрон ээлебеген, Ферми деңгээлинен, б. а. абс. нөл темп-рада электрондор жайгашкан эң жогорку энергиялык деңгээлинен төмөн абалды ээлейт.

КӨҢДҮК – Ош обл-нун Кара-Кулжа р-нундагы кыштак. Ой-Тал айыл округуна караштуу. Көндүк суусунун боюнда, дениз деңг. 1360 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кыш-нан 33 *км* чыгыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. бекетинен 158 км. Калкы 1113 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП, клуб бар.

КӨӨ – углеводороддордун толук эмес күйүшүнөн же термиялык ажырашынан пайда болгон кара түстөгү дисперсиялык продукт. Көмүртек атомдорунун графиттеги катмарларына окшош, бирок жалпак эмес, ийилген катмарларынан түзүлгөн сфералык бөлүкчөлөрдөн (көлөмү 100–3500 Å) турат. Суюк сырьёдон (нефть майларынан), жаратылыш же ө. ж. газынан, газ ж-а суюк сырьёнун аралашмасынан алынат. Өндүрүлүшүнө жараша: каналдык К. диффузиялык жалында толук эмес күйгөн газ ж-а газ-суюк аралашмадан; меш К-сү турбуленттик жалында толук эмес күйгөн суюк сырьёдон; термиялык К. газдын абасыз ажырашынын негизинде пайда болот. Анык (пикнометрдик) тыгыздыгы 1800–1900 *кг/м*³, бөлүкчөлөрүнүн диаметри 10–350 *нм*. Лак, боёк материалдарына пигмент, резина, пластмасса алууда ж. б-да толуктагыч катары колдонулат.

КӨӨКӨР – ышталган териден жасалган оозу кичине, моюндуу идиш. Аны төөнүн же уйдун терисинин калың жеринен (эки капталынан) алешем кылып кургатып бычышат. Шар сууга казык аркылуу байланган чылгый терини улпак салып же жарма куюп, ороп койсо жүнү тез эле жыдыйт. Төөнүн териси күрөк м-н челденгенден кийин шибеге же темене м-н тигилет. К-гө кумдуу топуракты шыкайт. Идиштин ийини, мойну, булуң-бурчу атайын ийри шиш аркылуу көркүнө келтирилет. Шыкалган топурак тоборсугандан кийин оюм-чийим түшүрүлөт. Кээде К-дүн булуң-бурчуна, моюнуна күмүш, жез чегилет. Ага түшкөн шөкөттөрдүн формасы ар кандай. К-дүн кепкегине алтын-күмүш чөгөрүлүп, жезден чагарак салынган. К. ар кандай көлөмдө ж-а формада жасалган. К-гө кымыз, айран, чалап ж. б. куюлган. К-дүн заманбап түрү өнөрканалардын сувенир буюм катары жасалат.



Ад.: *Антипина К. И.* Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. Ф., 1962.

КӨӨКӨРЧӨКТӨР (Batoidee) – эбелек бакалоордуу балыктардын чоң түркүмү. Денеси жалпак, жазы, диск же ромб сымал, уз. бир нече *см*ден 6–7 *м*ге , салмагы 2,5 *т*га жетет. Териси жылаңач же тикендүү. Денесинин курсак жагында 5 бакалоор жылчыгы орун алган. Көкүрөк сүзгүчтөрү башынан тартып тулкусунун капталында жайгашкан. Жон сүзгүчтөрү куйругунда (айрымдарыныкы жок). Көп учурда куйрук сүзгүчтөрү жок. Бири бирине тыгыз кыналып жайгашкан жумуру тиштери күчтүү. К-дүн 14 тукуму, 50гө жакын уруусу ж-а 350 түрү белгилүү. Суу түбүндө, айрымдары (шиш куйрук сымалдар) суунун тереңинде, о. эле бардык океандын тайыз жеринен тартып, 2700 *м* тереңдикке чейин, кээси тропик дарыяларында (Амозонка алабында ж. б.) кездешет. Бентофаг ж-а жырткычтар. Жумуртка же тирүү тууйт, ромбоскат сымалдар гана мүйүз капсуладагы чоң жумурткаларын суу түбүнө таштайт. Гнюс сымалдардын капталында электр органдары жайгашкан, шиш куйрук К-дүн куйругу ичке, узун, тикендүү болуп, түбүндө уулуу бездери бар. КМШ өлкөлөрүнүн дениздеринде 10 түрү белгилүү. Алар Кара, Азов, Түн. ж-а Ы. Чыгыш дениздеринде, шиш куйруктуулар Кара, Азов ж-а Япон дениздеринде таралган. Балык чарбасы үчүн маанилүү.



Коокорчоктор: 1– дениз мышыгы; 2 – дениз түлкүсү; 3 – манта; 4 – электрлүү коокорчок.

КӨӨЛҮ – Борб. Теңир-Тоодогу суу, Сары-Жаздын оң куймасы. Ак-Суу р-нунун аймагында. Уз. 51 *км*, аянты 844 *км*². Тескей Ала-Тоонун түш. капталынан башталган Көл-Төр ж-а Көөлү кырка тоосунун түн. капталынан башталган Кара-Төр сууларынын кошулушунан түзүлөт. Негизинен мөңгү (49%), кар (21%) ж-а булак (30%) сууларынан куралат. 16 куймасы бар. Ирилери: Моло, Шаркыратма, Сары-Чат, Каракол-Төр, Ашуу-Төр, Кара-Төр, Борду-Төр, Орой-Суу, Чоң Киндик, Сары-Булак. Алабында жалпы аянты 216,2 *км*² келген 150 мөңгү бар. Жылдык орт. чыгымы 13,5 *м*³/*сек*. Эң көп чыгымы июль–августта, азы мартта байкалат. Май айында кире баштап, октябрда тартылат.

КӨӨЛҮ КЫРКА ТООСУ Борб. Теңир-Тоодо. Ак-Суу р-нунун түш.-батыш бөлүгүндө. Түндүгүнөн Көөлү, чыгышынан Сары-Жаз, түштүгүнөн ж-а түш.-батышынан Үч-Көл, Сары-Чат өрөөндөрү м-н чектешип, түн.-батышынан чыгышка карай 52 *км*ге созулат. Туурасы 21 *км*, орт. бийикт. 4600 *м*, эң бийик чокусу 5281 *м* (Конституция). Протерозойдун гранит, гранит-диорит, гнейс, мрамор, сланец, кембрийдин филлит, кумдук, силурдун акиташ теги, девондун андезит, порфирит, доломит, пермдин жегичтүү гранит, сиенит, габроиддери кездешет. Тоо – миздүү кырлар, тик беттер, тегизделген байыркы жондор мүнөздүү болгон мегантиклинорий. К. к. т-ндагы мөңгүлөрдүн жалпы аянты 216,2 *км*². Кар чеги 4000–4200 *м*. Нивалдык-гляциалдык, альп, түштүктү караган беттерде шалбаалуу талаа, субальп ландшафттары кездешет.

КӨӨЛҮ ӨРӨӨНҮ Борб. Теңир-Тоодо, Тескей Ала-Тоо (түндүгүндө) м-н Көөлү (түштүгүндө) тоолорунун аралыгында субмеридиан багытында жайгашкан. Ак-Суу р-нунун аймагында. Аянты 844 *км*². Уз. 51 *км*, туурасы 2–4 *км*. Бийикт. 2800–4000 *м*. Суунун тепши сымал тектирлеринен турат. Оң өндүрүнүн орто ж-а төмөнкү бөлүгү тик, нымдуу, сол капталы жантайынкы ж-а кургак. Өрөөндүн жогорку бөлүгү кеңеңирээк. Климаты континенттик. Жылдык орт. темпрасы –1,8°С, январдыкы –19,6°С, июлдуку 10,2°С. Жылдык жаан-чачыны 308 *мм*. Кышында кар жокко эсе. Шамал батыштан согот. Аймагынын 30%ин мөңгү каптап жатат. Ирилери: Каракол-Төр, Кара-Төр, Ашуу-Төр, Сары-Чат, Моло. Катаал климаттык шарттарда көп жылдык тоң катмары пайда болгон. Чоң суусу – *Көөлү*. Өрөөндүн ортоңку ж-а төмөнкү бөлүгүнүн тескей беттериндеги (2800–3000 *м*) каралжын токой топурагында шренк карагайы, тал, караган, доңуз сырты, кара кыяк; сол өндүрүндөгү тоо-талаа каралжын топурагында шыбак, кыл-

кандуу чөптөр, көдөө, төө сойгок өсөт. Субалып алкагындагы (3000–3400 *м*) тоо-шалбаалуу талаа ж-а талаа коңур топурагында доңуз сырты, кара кыяк, коңурбаш, кымыздык, таран, кылкан чөп көбүрөөк; алып алкагындагы (3400–3700 *м*) тоо-шалбаалуу каралжын чым-көңдүү топурагында доңуз сырты, кийик от, кылкандуу чөптөр ж. б. өсөт. Гляциалдык-нивалдык ландшафттарда ташка жабышкан эңилчек кездешет. Өрөөндө Ысык-Көл обл-ндагы Ак-Суу р-нунун малы кыштайт. Тоют сактоо базалары, метеорол. станция бар. Өрөөндүн орто бөлүгүнө чейин машина жүрүүчү кара жол салынган.

КӨӨНӨ СӨЗДӨР – колдонулуудан чыгып калган сөздөр, архаизмдер. Мис., уруят – эркиндик, кырааткана – китепкана, ат араба – поезд ж. б. Көөнөргөн сөздөрдүн маанилери көбүнчө тектеш тилдердеги ж-а диалектилердеги фактылар аркылуу аныкталат. О. эле алардын айрымдары өз алдынча колдонулбастан, туруктуу сөз айкалышынын бир түгөйү катары колдонулат. Лексикалык курамдын байышына караганда анын көөнөрүшү жайыраак болот. Анткени кеңири колдонулуп жүргөн сөздөрдү тилден дароо эле сүрүп таштоого болбойт. Ошондуктан К. с. оозеки речте (сөздө), чыгармаларда көпкө чейин жашай берет. Сөздөр көөнөрүү жагдайы б-ча бири-биринен айырмаланат, ошондуктан аларды *тарыхый сөздөр* дейт.

КӨӨРҮК – устакана очогундагы отту (көмүрдү) күйгүзүп туруучу аспап; аба үйлөөчү аспаптардын эң эскиси. К. байыркы замандарда металл



1 – териси; 2 – ооз жыгачы; 3 – манжа бүлдүргөсү; 4 – бармак бүлдүргөсү; 5 – моюну; 6 – көңдөй ача жыгач; 7 – түтүк темири; 8 – өчөк кыш.

эритүү үчүн пайдаланылып, кол м-н кыймылга келтирилген; о. кылымда кол (дене) ж-а унаа күчү кыймылга келтирүүчү механизмдер, кийинчерээк суу кыймылдаткычтары м-н иштеген. Металлургиянын дүркүрөп өнүгүшүнө байланыштуу К-төрдү электр К-төр ж-а аба үйлөтүүчү машиналар сүрүп чыгарган. Кыргыз урунган К. кол м-н кыймылга келтирилип, кол же ала К. деп аталган. К о л К. туюк союлган (же кураштыра тигилген) эки териден, ичи көңдөйлөнгөн ача жыгачтан, түтүк темирден турган; териси эчки, кой, кийик же кулундун туюк союлуп, ийленген терилеринин жүнү сыртына каратылып жасалган; терилердин кенен (түп) жагынын эки бетине жарыш ооз жыгачтар (тактайчалар) кадалып, аларга манжа бүлдүргө ж-а бармак бүлдүргө тагылган; кууш (моюн) жактары көңдөй ача жыгачтын эки ачасы м-н тике же кыйыр (темир түтүктөр аркылуу) бириктирилген. Эки ачанын көңдөйү кошулган жердеги тешиктерге ачылып-жабылыз капкакча (кайыш, шири же булгаары) ко[illegible]ган. Ача жыгачтын кошулушунан пайда бо[illegible] чөң көңдөйдүн көзөнөгүнө темир түтүк аш[illegible], анын бир учу очок кыштын (чопо түтүкт[illegible]шиги м-н туташтырылган. К-тү баскан[illegible]ерилердин түп жагындагы жарыш тактайч[illegible] кыска кармалып, өйдө тартканда бир а[illegible]лып, теринин көңдөйү абага толуп чык[illegible]; толгон аба түтүктөр аркылуу очокко ки[illegible]. 19-к-дын 2-жарымынан келгин орустардын таасири м-н кыргыз арасына асма (орус) К. жайыла баштаган. А с м а К-түн кол К-төн айырмасы: бир эле «териден» (мехтен) турат; анысы кайыштан (булгаарыдан) жасалып, эки четинен ж-а ортосунан жарыш тактайлар м-н бекитилген. Эки четиндеги тактайлары «тери» м-н кошо кыймылдай берет, ал эми «терини» экиге бөлүп турган ортоңкусу бир учу дубалга кадалган бойдон кыймылдабай турат. Асма К-түн кууш (ооз) жагы түтүктөр аркылуу очок м-н туташтырылат, кенен (түп) жагы болсо кыяк (гармонь) мехи сыяктуу бүктөлүп-жазылып тургудай болуп кайыштан жасалат. Асма К. зым (же жип) аркылуу шыпка асылып, кол м-н кыймылга келтирилет. Учурда кол К. да, асма К. да сейрек учурап, жөнөкөй устакана очокторунда гана колдонулат.

КӨӨРЧӨК – эчкинин сүтүнө кымыз же айран кошуп ачытылган суусундук. Көчмөн турмушта малчылар (койчулар) бир чанач кымызга эки эчкинин сүтүн кошуп, К. кылып ачытып, суусундук катары пайдаланышкан.

КӨӨЧҮ – Ысык-Көл обл-нун Түп р-нундагы кыштак. Талды-Суу айыл округуна караштуу. Түп–Каркыра автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1664 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Түп кыш-нан 17 *км* түн.-чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 214 *км*. Калкы 1884 (2007); негизинен мал м-н алектенет. Негизги мектеп, китепкана, медпункт, клуб бар.

КӨП БАСКЫЧТУУ РАКЕ́ТА – удаалаш аракетке келүүчү бир канча баскычтан турган ракета. Аракетке келген баскычтагы отун күйүп бүтүшү м-н кыймылдаткычы да өчүп, баскыч өзүнчө ажырайт [же анын бөлүгү, мис., отун сактагыч (бак) же кыймылдаткыч орнотмосу] да, жалпы салмак азайып, ылдамдык күчөйт. К. б. р-нын констр. схемасы удаалаш жайгашкан баскычтардан ж-а пакеттик схемадан (туурасынан бөлүштүрүлгөн) турат. Биринчи баскычынын кыймылдаткычтуу орнотмосу удаалаш, экинчисиники бардыгы бир убакта иштейт. К. б. р. хим. отундун негизинде биринчи, экинчи ж-а жогорку космостук ылдамдыкта кыймылдайт ж-а космостук объектилерди алып чыгууда колдонулат.

КӨП БӨЛҮКЧӨЛӨРДҮН КВАНТТЫК ТЕОРИЯСЫ – *кванттык теориянын* үч ж-а андан көп бөлүкчөдөн турган системаны изилдөөгө арналган теориясы. *Кванттык механикада N* бөлүкчөдөн турган система бардык бөлүкчөлөрдүн координ[illegible]таларына ж-а ар бир бөлүкчөнүн абалын бер[illegible]гө зарыл болгон башка бардык чөңдуктарг[illegible]өз каранды толкун функциясынын жард[illegible] м-н жазылат. Эгер мындай система чөн [illegible]теманын бөлүгү болсо, анда аны жазуу тыгы[illegible]к матрицасынын жардамы м-н жүргүзүлөт. К[illegible]нттык ж-а классикалык теорияда көп нерсел[illegible]ин маселесин так чечүү кыйла кыйынчылык[illegible]ды туудурат. Ошондой болсо да Паули прин[illegible]би б-ча симметриянын жалпы касиеттерин көргөзүүгө болот. Жарым бүтүн спиндүү кандайдыр бир сандагы бирдей бөлүкчөлөрдөн турган системалар (фермиондор) үчүн толкун функциясы антисимметриялуу, б. а. эки бөлүкчөнүн өзгөрмөлөрүнүн ордун алмаштырганда, анын белгиси карама-каршыга өзгөрөт. Бүтүн спиндүү системалар (бозондор) үчүн мындай орун которуштурууда толкундук функциянын белгиси өзгөрбөйт, б. а. толкундук функция симметриялуу болот. Фермиондор м-н бозондор симметриясынын касиеттеринин айырмасы бул эки типтеги бөлүкчөлөрдөн турган системалардын мүнөздөрүнүн сапаттык айырмачылыгын аныктайт, мис., алардын абалдар б-ча бөлүштүрүлүшү Бозе-Эйнштейн статистикасына (бозондор үчүн) ж-а Ферми – Дирак статистикасына (фермиондор үчүн) баш иет. Көп бөлүкчөлөр маселесин чечүүдөгү жакындаштырылган ыкмалар *талаанын кванттык теория* кеңири колдонулгандан тартып кыйла натыйжага ээ болду. Мис., катуу нерсенин нөлдүк абс. темп-радагы энергиясы минималдуу болгондуктан, ал вакуумдук абалда жайгашат. Катуу заттын дүүлүгүүсүн (мис., ысытканда), элементардык дүүлүгүүлөрүнүн ар бир энергияга, импульска ж-а спинге ээ болгон кванттардын пайда болушу катары караса болот.

КӨП БУРЧТУК – түз сызыктын удаалаш кошулган кесиндилеринен, б. а. сынык сызыктардан түзүлгөн туюк *фигура*. Айрым учурда сынык сызыктар м-н чектелген тегиздиктин бөлүгү да К. б. деп аталат. К. б-тун бардык чокулары бир тегиздикте жатса ж а л п а к К. б. деп, ал эми айрым чокулары тегиздикте жатпаса анда алар м е й к и н д и к т и к К. б. деп аталат. Сынык сызыктар (кесиндилери) К. б-тун жактары, ал эми сынык сызыктын учтары анын чокулары деп аталат. Элементардык геометрияда жөнөкөй, б. а. анын контуру өзүнчө кесилишпеген К. б-тар колдонулат. Ар бир чокусунан эки гана жагы чыккан, жактары жалпы чекитке ээ (чокулары жактарына тиешеси болбогон), чо-



кулары жактарында жатпаган К. б-тар жөнөкөй болуп эсептелет. К. б. жөнөкөй болбосо, жылдызчаланган К. б-тар деп аталат. Эгер К. б., анын кандайдыр бир жагы жаткан түз сызыктын бир тарабында, же бардык диоганалдары К. б-тун ичинде жатса, анда ал т о м п о к К. б. деп аталат. Каалаган жөнөкөй К. б-тун ички бурчтарынын суммасы 180°(n-2)ге барабар, мында n – жактарынын саны. К. б. айрым учурда жактарынын санына ылайык n бурчтук деп аталат, мында $n \geq 3$. К. б-тун бардык жактарынын суммасы *периметри* деп аталат. Бардык жактары ж-а бардык бурчтары өз ара барабар болгон К. б. т у у р а К. б. деп аталат. Жактарынын саны n болгон туура К. б. үчүн төмөнкүдөй катыштар орундалат: борб. бурчу $\alpha=360°/n$, тышкы бурчу $\beta=360°/n$, ички бурчу $\gamma=180°-\beta$. Эгер К. б-ка сырттан сызылган айлананын радиусу R, ал эми ичтен сызылган айлананын радиусу r деп белгиленсе, анда К. б-тун жагы $a=2\sqrt{R^2-r^2}=2r\sin\frac{\alpha}{2}=2rtg\frac{\alpha}{2}$ болот. Аянты $S=\frac{nar}{2}=nr^2tg\frac{\alpha}{2}=nR^2\sin\frac{\alpha}{2}$ деп табылат. Кеңири белгилүү К. б. үч бурчтук, төрт бурчтук, беш бурчтук ж. б. (к. чийме).

КӨП ГРАНДУУ БУРЧ – багыттоочусу жөнөкөй көп бурчтук болуп, көңдөйчөлүү конус түрүндөгү беттен пайда болгон геом. фигура. Конус түрүндөгү беттин чокусу К. г. б-тун чокусу, ал эми грандары м-н түзүлгөн бурч К. г. б-тун жалпак бурчтары деп аталат. Мында ар бир жалпак бурчтун 2-жагы кийинки бурчтун 1-жагы болот, ал эми акыркы бурчтун 2-жагы биринчи бурчтун баштапкы жагы м-н дал келет. Эгерде К. г. б-тун бардык эки грандуу бурчтары барабар болсо, туура К. г. б. деп аталат (сүрөт).



КӨП ГРАНДЫК – бардык жагынан жалпак көп бурчтуктар, б. а. грандары м-н чектелген геом. нерсе. Көп бурчтуктун грандарынын жактары



Коп грандык: *1 – 5* – туура томпок коп грандыктар (Платон телолору); *6 – 9* – томпок эмес туура коп грандыктар (Пуансо телолору); *10 – 23* – жарым туура коп грандыктар (Архимед телолору); *24 – 25* – Архимед призмасы ж-а антипризмасы; *26–30* – томпок параллелоэдрлер (Фёдоров телолору).

К. г-тын кыры, ал эми кырынын учу К. г-тын чокусу деп аталат. Грандарынын саны б-ча төрт, беш ж. б. К. г-тар болуп айырмаланат. К. г. толугу м-н гранынын тегиздигинин бир жагында жайгашса, анда ал томпок деп аталып, анын грандары да томпок болот. Томпок К. г. мейкиндикти сырткы ж-а ички бөлүкко бөлөт. Тескерисинче, томпок нерсенин бети көп грандуу болсо, К. г. да томпок болот. Эгер К. г-тын бардык грандары бирдей, туура (конгруэнттүү) *коп бурчтук* болуп, чокусундагы бардык көп грандуу бурчтары барабар болсо, анда ал туура К. г. (Платон телолору, 1–5 сүрөт) деп аталат. Туура К. г-тын бардык көп грандуу бурчтары туура ж-а барабар болот. Туура К. г-тын түрлөрү: *туура тетраэдр, куб, октаэдр, додекаэдр* ж-а *икосаэдр*. Илимде мындан башка жарым туура К. г-тар (Архимед телолору, 10–24-сүрөт) бар. Кайчылаш жактары түгөйлөш параллель болгон К. г. томпок параллелоэдр же Фёдоров телосу деп аталат (25–29-сүрөт). К. г-ты аныктоодо дагы бир туура томпок эмес көп грандыктын 4 түрүн көрсөтүүгө болот (Пуансо телолору, 6–9-сүрөт).

КӨП ЖЫЛДЫК МУЗ — океандын үюлдук кендиктеринде эки жылдан ашык сакталган деңиз музу. Калыңдыгы 3 *м*дей. Тузсуз, ык келип, үстүнкү бети күдүрлүү, кар жатпаган жерлери көгүш түстө. Жай мезгилинде муздун үстүндө кар бүртүкчөлөрү пайда болот.

КӨП ЖЫЛДЫК ӨСҮМДҮКТӨР – эки жылдан ашык жашаган дарак, бадал, о. эле чөп ж-а чала бадал өсүмдүктөр. Алар белгилүү жашка жеткенден баштап, көп жолу, көбүнчө жыл сайын (поликарп өсүмдүктөр) гүлдөп, момо берүүгө жөндөмдүү. Айрымдарынын жалбырагы бир нече жыл бою түшпөйт (дайыма жашыл өсүмдүктөр), кээ бириники жагымсыз шартта (кыш, кургакчылык ж. б.) жалбырагын күбүйт. Көпчүлүк өсүмдүктөрдүн жер үстүндөгү органдары кышкысын, кургакчылыкта куурап, жер астындагы бөлүгү – тамыр-сабагы, азык-тамыры, пияз түбү, тамыры ж. б. жашоосун улантат.

КӨП ЖЫЛДЫК ТОҢ – жер бетинин үстүнкү борпоң же жаракалуу чулу тоо тектеринин туруктуу терс темп-ранын таасири астында пайда болгон тоң кыртышы. Тоо тектеринин арасындагы суулар муз болуп айланып, борпоң тектерди камдаштырып, чоң кристаллдык тоо тектерине окшотуп коёт. Муздардын эрип, кайра тоңуп туруусу чарбачылыкка көп зыян алып келет. Кырг-ндын бийик тоолуу аймактарында кеңири таралган, к. т. *Мөңгүлүк тоң.*

КӨП КАНАЛДУУ БАЙЛАНЫШ – бир эле маалда көптөгөн кабарлашууну байланыштыруучу электр байланыш схемасы. К. к. б-та *телефон* ж-а телеграф кабарлары, телебашкаруу командалары, телекөрсөтүү сүрөттөрү, ЭЭМ үчүн маалымат байланыш кабели, радиореле ж-а спутник линиялары аркылуу берилет. К. к. б. байланыш линиясы тыгыздоо принциби б-ча түзүлөт. Бул учурда жышт. 300–3400 *гц* болуп, телефон кабарларын берүүнү камсыз кылуучу тоналдык жыштык каналы стандарттуу канал деп аталат. Адегенде 12 стандарттуу каналдан биринчи топтошкон тракт түзүлүп, ал 60–108 *кгц* жыштык тилкесин ээлейт. Практикада 12, 60, 120, 180, 300, 600, 900, 1920, 10800 стандарттуу каналдардан түзүлгөн К. к. б. системасы колдонулат. Артыкчылыгы – жыштык спектринин үнөмдүү пайдаланылышы.

КӨП КЛЕТКАЛУУЛАР – денеси көп клеткадан ж-а клетка аралык заттан турган татаал түзүлүштүү организмдер (жаныбарлар, өсүмдүктөр, козу карындар). К. к-дын мүнөздүү белгиси – денесин түзгөн клеткалардын түзүлүшү ж-а мааниси б-ча бирдей эместиги. Алар түзүлүшүнө, татаалдыгына жараша бир бүтүн организмдеги ар түрдүү функцияларды аткаруучу ткандарды ж-а органдарды түзөт. Буларга, жеке өөрчүү – онтогенез (вегетациялык көбөйүүнү эске албаганда), бир клеткадан бөлүнүү (зигота, спора) мүнөздүү. Кээ бир колониялуу организмдердин түзүлүшүнүн эволюциянын жүрүшүндө татаалданышынын (көп ядролуулук, колониялуулук) негизинде келип чыккан болушу мүмкүн.

КӨП МААНИЛҮҮ СӨЗДӨР – адабий тилдеги сөздөрдүн түрдүү мааниде колдонулушу. Мис., көз – адамдын көзү, ийненин көзү, терезенин көзү ж. б., мүчө — адамдын мүчөсү, соз мүчөсү, профсоюздун мүчөсү ж. б.

КӨП МААНИЛҮҮ ФҮНКЦИЯ – аргументтин бир эле маанисине бир нече маани туура келген функция. Өзүнүн маанисин кайталоочу бир маанилүү функцияны өзгөртүүдөн К. м. ф. пайда болот. Мис., x^2 функциясы өзүнүн ар бир оң маанисин эки жолу кабыл алат (аргументтин өз ара белгилери б-ча гана айырмалануучу маанилеринде), анын тескери маанисине өтүү эки маанилүү $\pm\sqrt{x}$ функцияны берет. $\sin x$ функциясы өзүнүн маанисине чексиз көп жолу ээ; анын тескери маанисине өткөндө чексиз көп маанидеги $\mathrm{Arcsin} x$ функциясын берет. Комплекстүү облуста ар кандай $z\neq0$ болгондо $f(z)=\sqrt[n]{z}$ барабарсыздыгы n мааниге, ал эми $z\neq0$ болгондо $f(z)=Lnz$ чексиз көп мааниге ээ.

КӨП МҮЧӨ, полином – чектелген сандагы бир мүчөлөрдүн алг. суммасы. Бир мүчө К. м-нүн жеке учуру катары каралат. К. м-нүн курамына кирген ар бир кошулуучу анын мүчөсү деп аталат. К. м. мүчөлөрүнүн санына жараша эки мүчөлүү, үч мүчөлүү ж. б. болуп бөлүнөт. К. м-ну кыскартып жазууда милдеттик белги (символ) колдонулат. Алсак, бир гана x өзгөрмөсү бар К. м-нүн үлгү катары алынган (стандарттык) түрү $f(x)=a_0x^n+a_1x^{n-1}+\ldots a_{n-1}x+a_n$ деп жазылат, мында $a_0, a_1, \ldots, a_{n-1}$ коп мүчөнүн берилген коэфф-тери, ошону м-н бирге $a_0\neq0$ деп алынат. Эгер $a_0=1$ болсо, анда келтирилген К. м. деп аталат; n ($n\in N$) саны К. м-нүн даражасы, ал эми К. м-нүн чоң мүчөсү – a_0x^n. К. м-нүн бирдей даражадагы окшош кошулуучулары анын бир өңчөй мүчөлөрү деп аталат. Андай окшош мүчөлөрүн кошуп же алып өзгөртүү ал бир өңчөй мүчөнү К. м-гө келтирүү деп айтылат. К. м. даражасы б-ча 1-, 2-, 3- ж. б. даражалуу деп бөлүнүп, алар сызыктуу, квадраттык, кубдук ж. б. болуп айырмаланса, ага кирген өзгөрмөлөрүнүн санына жараша бир өзгөрмөлүү, эки өзгөрмөлүү – бинардык, үч өзгөрмөлүү – тернардык К. м. деп аталат. Мис., $f(x, y, z)=x^2+y^2++z^2-xy-yz-xz$ үч өзгөрмөлүүсү (тернардык) бир өңчөй квадраттык К. м. болот. $f(x)=0$ түрүндөгү алг. теңдеменин тамыры бир өзгөрмөлүү $f(x)$ К. м-нүн тамыры деп аталат.

КӨПӨЛӨКТӨР, какач канаттуулар (Lepidoptera) – муунак буттуулар тибинин курткумурска классынын түркүмү. Какач м-н капталган 2 жуп канаты бар. Оозу пил түмшугу сымал, учу соргуч. Денеси түк же какач м-н капталган. Личинкасынын көкүрөгүндөгү 3 жуп бутунан башка курсагында түрдүү санда жалган буту болот. Кемирүүчү оозу бар. 4–5 жолу түлөйт, өсүмдүк м-н азыктанат. Куурчакчасынын канаты бүт денесине жабышып, хитин кабыгы м-н капталган. Чондугу, канатынын уз. ар түрдүү. К-дүн канатынын түсү ж-а паары качынын пигментине жараша айырмаланып, көбүнчө коргонуу милдетин аткарат, о. эле *миметизм* ж-а *микрия* ж-а миметизмди айгинелейт. К-дүн көпчүлүгү күүгүмдө, түнкүсүн, айрымдары күндүз учуп, гүл нектары, чириген өсүмдүк ж-а жемиш ширеси м-н азыктанса, кээси личинка кезинде жыйнаган май ткандарынын эсебинен жашайт. Көрүү органы жакшы өөрчүгөн. Жыт сезүү ор-



Кополоктор: 1 – сары кополок; 2 – махаон, 2*а* – эжеке бээсаасы; 3 – шафран сары копологу; 4 – долоночу кополок; 5 – когултур кополок, 5*а* –эжеке бээсаасы; 6 – чон баш кополок, 6*а* – эжеке бээсаасы; 7 – аполон; 8 – кооз калдыркан, 8а – эжеке бээсаасы; 9 – адмирал; 9*а* – эжеке бээсаасы; 10 – кулмак күүгүмгүлү; 11 – аюу түк калдыркан, 11*а* – эжеке бээсаасы; 12 – баш суроттүү калдыркан, 12*а* – эжеке бээсаасы; 13 – эмен жалбырак түргүчү; 14 – кийим күбөсү; 15 – мырза карай жибекчи копологу, 15*а* – эжеке бээсаасы; 16 – шайтан калдыркан; 16*а* – эжеке бээсаасы; 17 – сасык жыгач ойгуч, 17а – эжеке бээсаасы.

ганы муруттарында жайгашып, өзгөчө түнкү К-де чон мааниге ээ. Муруту түрдүү формада. Жарганаттар чыгарган ультраүндү эхолокация туюмдары сезип, убагында коргонот. Айрым жыныстуу, кээ биринде гана табигый *партеногенез*, чанда жыныстык *диморфизм* даана байкалат. Өорчүшү толук кубулуу (жумуртка, малак, куурчакча ж-а имаго) жолу м-н отот. Тропик олколордо коп кездешет. К. 3 түркүмчого (жаактуу К., кош канаттар, жаргак канаттар) болүнүп, 140 мин түрдү камтыйт. О. эле күндүзгү (калдыркандар) ж-а түнкү (шайтан К.) топко болунот. Копчулук түрү а. ч. өсүмдүктөрүнө (момо-жемиш багы, капуста, пахта, токойчулук ж. б.) зыян келтиргени м-н өсүмдүктү чандаштырат, кээ биринен жибек (жибек копологу) алынат.

КӨП ӨЛЧӨМДҮҮ ГЕОМЕТРИЯ – үчтөн коп өлчөмдүү (өлчөө саны үчтон ж[illegible] мейкиндик геометриясы. К. ө. г-ны 1746-ж. [illegible]емис философу И. Кант киргизген. Курчап [illegible]ган мейкиндик үч өлчөмдүү, тегиздик эки ө[illegible]мдүү, түз сызык бир өлчөмдүү болот. Геометри[illegible]ачы үч өлчөмдүү учур үчүн изилденип, кийин[illegible]а $n>3$ өлчөмүндөгү учур үчүн, б. а. евклид [illegible]киндиги, о. эле лобачевский, лиман, проекци[illegible]лык, аффиндылык мейкиндиктерге «К. ө. г.» термини колдонула баштаган. Элементардык геометрияда каралган кадимки евклид мейкиндиги – үч өлчөмдүү, ал эми n – өлчөмдүү евклид мейкиндиги К. ө. г-да каралат, мында n – ар кандай натуралдык сан. Кадимки евклид мейкиндигиндеги чекиттин абалы үч тик бурчтуу координата б-ча аныкталгандай n – өлчөмдүү евклид мейкиндиктеги «чекиттин» абалы $x_1, x_2, \ldots, x_n$ координата аркылуу берилет. n – өлчөмдүү евклид мейкиндигиндеги эки чекиттин $M(x_1, x_2, \ldots, x_n)$ ж-а $M'(y_1, y_2, \ldots, y_n)$ ортосундагы аралык төмөнкү формула б-ча аныкталат:

$$\rho=\sqrt{(x_1-y_1)^2+(x_2-y_2)^2+\ldots+(x_n-y_n)^2},$$ мында ρ – эки чекиттин ортосундагы аралык.

КӨПТҮК – математиканын негизги түшүнүктөрүнүн бири; бир бүтүн нерсе катары каралуучу кандайдыр бир түрдүү объектилердин же элементтердин жыйнагы. Жаратылыштагы каалаган объектилер К. боло алат. Мис., шаар калкы, үйлөр, тегиздиктеги чекиттер, чарбактагы бак-даракгар ж. б. Сандан турган К. сан К-у деп аталат. Эгерде К-түн элементтерин санооо мүмкүн болсо, ал $\{a, b,\ldots\}$ К. м-н белгиленет (к. *Көптүктөр теориясы*). Эки К-түн (А, В) жок дегенде бирине тиешелүү болгон бардык элементтерден турган К. К-тордун биригүүсү (С) деп аталып, $C=A\cup B$ деп белгиленет. К-тордун кесилиши – бир эле мезгилде А көптүгүнө да ж-а В көптүгүнө да тиешелүү болгон элементтерден турган (С) К-у ж-а $C=A\cap B$ түрүндө белгиленет.

КӨПТҮКТӨР ТЕОРИЯСЫ — математиканын негизги болүмү. Ал көптүктүн касиеттерин ж-а алардын чагылтууларын изилдейт. Муну Г. Кантор изилдеген. К. т-нын негизги түшүнүгү – элементтин көптүкко таандыгы (белгилениши $x\in M$, «X»–M – көптүктүн элементи). Мындан төмөнкүлөр алынат: эгерде M көптүгүнүн бардык элементтери K көптүгүнүн элементи болсо, анда M көптүгү K көптүгүнүн камтылган көптүгү деп аталат (белгилениши $M\subset K$). Эгерде $M\subset K$ ж-а $K\subset M$ болсо, анда $K=M$ болот. Бир дагы элементи болбогон көптүк – куру көптүк (белгилениши $\varnothing$). К. т-нда төмөнкүлөр каралат:

1) көптүктөр м-н болгон амалдар, биригүүсү (белгилениши $\cup$), кесилиши (белгилениши $\cap$), айырмасы (белгилениши $\setminus$) анын айрым учуру – толуктоосу; түз (же декарттык) көбөйтүндүсү, түз суммасы; берилген көптүктүн бардык камтылган көптүгүн түзүү; эквиваленттүүлүк катыштардын берилгендери б-ча фактор көптүгүн түзүү; 2) көптүктөрдүн өз ара же элементтеринин арасындагы байланыштары ж-а алардын касиеттери: эгерде T – катышы ж-а $<xTx>$ чыныгы сан болсо, анда T – рефлекстүү (өзү кайталанма) деп аталат. Эгер $<xTy>$ тен $<yTx>$ чыкса, анда T – симметриялуу деп аталат (мис., $<<x^2$тин белгиси $>>$). Эгерде $<xTy>$ ж-а $<yTx>$ тен $x=y$ болсо, анда T антисимметриялуу деп аталат (мис., $\subset$ катышы, тартиптин катышы $\leq$). Эгер $<xTy>$ ж-а $<<yTz>>$ тен $<<xTz>>$ келип чыкса, анда T – транзиттүү делет (алмашма). Эгерде T – рефлекстүү, симметриялуу ж-а транзиттүү болсо, анда T – эквиваленттүүлүк катыш деп аталат; 3) чагылтуулар (функция, оператор, өзгөртүү) ж-а аларга аракет кылган көптүктөрдүн табиятына көз каранды болбогон конкреттүү касиеттери; аларга сюръекциялык (же толук чагылтуу), инъекциялык (комплекстүү өзгормо функциялардын теориясында бул касиет «бир баракгуулук» деп да аталат), буларды айкалыштырган касиет биекциялык (же өз ара бир маанилүүлүк) касиеттер таасир этет; 4) чагылтуулар м-н болгон амалдар; суперпозиция, чагылтууларды кысуу ж-а кенейтүү; 5) чагылтуулардагы көптүктөрдүн түсөлдөрү ж-а түп нускалары; 6) көптүктөрдүн кубаттуулугу, бул көптүктүн табиятына көз каранды болбогон конкреттүү жалгыз касиети. Каалагандай матем. объектини катыштары же чагылтуулары белгилүү бир же бир нече көптүк катары аныктоого болот. Мис., натуралдык сандардын R көптүгү – ал көптүктүн чектүү сандагы элементтери гана каалагандай элементтен кичине боло турган иреттелген чексиз көптүгү болот. Дедекинд б-ча G көптүгүнүн кесилиши чыныгы сандардын көптүгү. К. т. матем. логика м-н тыгыз байланышкан.

Ад.: *Александров П. С.* Введение в теорию множеств и общую топологию. М., 1977; *Кантор Г.* Труды по теории множеств / Пер. с нем. М.: 1985.

КӨП ТҮСПӨЛДҮҮЛҮК – чекити жок өзгөчө сызык ж-а бет түшүнүгүн ченоодо каалаган санда тактоочу ж-а жалпылоочу матем. түшүнүк. Жалпысынан К. т-ту сызыктуу мейкиндиктер м-н теңдештирүүгө болбойт. Анда нолдук элемент жок ж-а элементтерин кошуу, санга көбөйтүү амалдары аныкталган эмес. Айлана м-н сфера – К. т-ко эң жонокой мисал. Алар түз сызык ж-а тегиздиктен кескин айырмаланат. Айлана м-н сфераның каалагандай чекиттерини эң кичине болүгүн түз сызык ж-а тегиздик катары карооо болот. К. т. илимдин башка тармактарында да кездешет. Мис., космологияда *аалам* түзүлүшүн изилдөөдө 4 өлчөмдүү мейкиндик, механикада фазалык мейкиндик, динамикалык системаларда геом. өзгөртүүлөр тобу катары каралат. К. т. ар түрдүү жолдор м-н аныкталат же баяндалат.

КӨП ҮЙЛҮҮ ӨСҮМДҮКТӨР, *полигамдар* – гүлү айрым жыныстуу, о. эле эки жыныстуу өсүмдүктөр. Бир эле өсүмдүктө эки жыныстуу гүлү ж-а аталык гүлү бар өсүмдүктөр – андромонэция (мис., марал кулак); эки жыныстуу гүлү ж-а энелик гүлү бары – гимономеция (мис., чайыр гүл ж-а көпчүлүк татаал гүлдүүлөр), о. эле эки жыныстуу гүл, ошону м-н катар энелик ж-а аталык гүлдөрү – тримонэция (мис., кадимки жылкы жангак) болот. Полигамдуулук өсүмдүктө төмөнкү мүноздө да кездешет: өсүмдүктүн бир особунда эки жыныстуу гүлү, экинчисинде аталык гүлү (андродиэция) же энелик гүлү (гинодиэция; мис., бото көз, көпчүлүк эрин гүлдүүлөр), о. эле эки жыныстуу, аталык ж-а энелик гүлдөр ар башка өсүмдүктө (триэция; мис., жүзүмдө, ак чечекте) болот. Өсүмдүктүн көп үйлүүлүгү кайчылаш чандашууга түртүк берет.

КӨПҮРӨ – жол курууда кездешүүчү ар кандай тоскоолдордун (канал, дарыя, капчыгай, терең сай ж. б.) үстүнө тургузулуучу инж. курулма. Ал автомобилдик, т. ж-дук ж-а жоо кишилер өтүүчү болуп бөлүнөт да, шаар көчөлөрүнө ж-а шаардан сыртқы жолдорго салынат. К. бышык ж-а узакка чыдамдуу курулуш материалдарынан тургузулат. К-нүн негизги бөлүктөрү – түркүктөр (тироочтор, четки таянычтары) ж-а аралыгын туташтырып туруучу атайын курулуш материалдары (пролёттук констр.). Дарыя м-н каналга салынган К., виадуктар ж-а эстакадалар (суусуз тоскоолдорго салынган), жол өткөөлдөрү (жол үстүнө салынган) болуп айырмаланат. Негизги бөлүктөрү курулган материалга жараша жыгач, таш, темир-бетон ж-а болот К. деп аталат. Негизги констр. системасы б-ча устундуу К., арка түрүндөгү, рама түрүндөгү, асма, вант түрүндөгү ж-а айкалышкан К. болуп айырмаланат (к. сүрөт.). Алгачкы арка констр-

Цзин Ма копүросу, Гонконг.





Көпүрөлөр системасы: *а* – туташ устундуу; *б* – устун консолдуу; *в* – аркалуу; *г* – айкалыштырылган; *д* – рама түрүндөгү; *е* – рама түрүндөгү асма; *ж* – асма; *з* – вант түрүндөгү; *1* – шарнир; *2* – арка; *3* – арка түрүндөгү тирек; *4* – кергич; *5* – түркүк; *6* – ригель; *7* – зым аркан; *8* – тирөөч; *9* – аскыч; *10* – күч келүүчү устун; *11* – анкер түркүк; *12* – вант.

сын римдиктер колдонуп (б. з. 100-ж.), мындай констр. м-н Алькантара К-сү Тахо д-на курулган. Европада бул типтеги К-лөр 14-к-дан баштап курула баштаган, мис., Флоренциядагы (Италия) Понте Веккио К-сү 1345-ж. аяктаган. 1979-ж. курулган Колбрукдейлск темир К-сү жаңы, темир ж-а металл арка констр. эрасынын башталышы болуп калды. Кийин тирөөч аралыгы 500 *м* болгон Сиднейдеги (1932) ж-а Нью-Йорктогу Байонпск (1930) К-лөрү курулган. 1882–89-ж. Шотландиядагы Фортский К-сү, 1964-ж. курулган Сиднейдеги бетон аркалуу тирөөч аралыгы 305 *м* болгон Глейдсвиллск К-сү курулган. Кеңири таралган асма К-лөр үч канаттан туруп, эки жак учуна тең анкердик бекиткичтер байланган. К-нүн өзгөчө түрлөрү – калкыма, ачылма ж-а ачылып-жыйналма К-лөр да болот.

КӨПҮРӨ и н ф о р м а т и к а д а – окшош тармактарды бириктирүүдө колдонулган жабдуулар ж-а программалык [illegible]дыктар бирикмеси. Мис., мекеменин эсе[illegible]сап ж-а маркетинг бөлүмдөрү сыяктуу ай[illegible] түзүлгөн жеке компьютерлердин жерг. тар[illegible]арын бири-бири м-н К. аркылуу байланыш[illegible]уга болот. К-нү колдонуу мисалдары мекеме[illegible]бардык компьютерлерин бириктирип, чоң та[illegible]ак түзүү максатка ылайык, себеби айрым [illegible]ынган бөлүмдөр башка бөлүмдүн тармагына ма[illegible]ымат үчүн чанда гана кайрылышат.

КӨПҮРӨ-БАЗАР – Талас р-нундагы кыштак. Р. Айдаралиев атн. айыл округуна караштуу. Каракол суусунун боюнда, деңиз деңг. 1320 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кок-Ой кыш-нан 70 *км* чыгыш тарапта. Жамбыл т. ж. бекетинен (Казакстан) 166 *км*. Кыштак 1956-ж. орношкон. Калкы 4714 (2007); негизинен мал чарбасы м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто ж-а башталгыч мектеп, 2 китепкана, клуб бар. Оорукана, дарыкана, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, тамактануучу жайлар, мончо иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КӨПШӨК БЕТО́Н, к ө п ш ө к к у й м а т а ш – көптүрүлгөн, илээшкек суюктук ж-а кремнезём сымал компоненттин аралашмасын катыруу м-н алынган жеңил бетон. Илээшкек зат катары портландцемент алынат. Ал жука майдаланган клинкер, гипс ж-а активдүү кошундулардан даярдалат. Цемент кошулбай даярдалуучу К. б-го акиташ колдонулат. Кремнезём компонентин колдонуу (негизинен кум) илээшкек материалды үнөмдөйт ж-а К. б-дун наркын төмөндөтөт. К. б. алынуу ыкмасына жараша газ бетон ж-а көбүк бетонго бөлүнөт. Газ бетон имараттарды жылуулоодо колдонулат.

КӨР, м ү р з ө, к а б ы р – маркум коюлчу жай. Маркум алгач полеолит доорунда коюла баштаган. Бирок ал кезде маркумдар атайын көрүстөнгө эмес, өзүлөрү турган жерге эле көмүлгөн. Кадимки К-гө коюу мезолит доорунда пайда болуп, маркум м-н бирге кийими, курал-жарагы, идиштери, тиричилик ж-а асем буюмдары, союлган мал кошо коюлган. Патриархат доорунун өнүгүшүнөн улам өлгөн эркекти өлтүрүлгөн аялы м-н кошо коюу, таптык доордун тушунда өлгөн уруу башчыларын же падышаларды өлтүрүлгөн кулдары ж-а күндөрү м-н кошо көмгөн учурлар да кездешкен. Маркумду коюуда ар бир элдин өз салты болгон. Айрымдары аны табыты м-н койсо, кээ бирөөлөрү өрттөп, күлүн

гана койгон. Ар түрдүү урууда, элде маркум коюлган жайдын түрү, ички түзүлүшү да ар кандай доордо ар башка болгон. Кырг-н аймагында коло доорунан калган мүрзөлөрдө көп уруулар маркумду тегерек аңга же таштан жасалган үкөккө күлүн же соөгүн салып, үстүн таш м-н кынап бекитсе, темир доорунун башталышында маркумду өтө ка[illegible]ырлап, чоң дөбөлөрдүн астына коюшкан. А[illegible]ым дөбөлөрдүн диаметри 100–120 *м*, бийикт[illegible]–10 *м* болгон. Алар ж е л е д ө б ө деп аталат[illegible]. эле б. з. башында казанактуу К-лөр (Ке[illegible]н-Төбө, Баткен, Чаткал, Алай, Кызарт ж.[illegible] кеңири таралган. Андай айрым К-лөрдө 100[illegible]1500 дөбө-мүрзө бар. О. кылымдагы мүрзөлөр[illegible]н үстүнөн калмак таш, балбал эстеликтерди, [illegible]штан тургузулган зор дөбөлөрдү жолуктуруу[illegible]а болот. Байыркы К-лөрдү изилдөөдөн диний ишеним тууралуу көп материал алынат. Антикалык дүйнөдө К. *некрополь* деп аталган.

КӨРКӨМ ГИМНА́СТИКА – спорттун бир түрү; аялдардын гимнастика ж-а бий айкалыштырылган түрдүү ийилме ж-а ыкчам кыймылдары музыканын коштоосу ж-а тасма, топ, аркан сыяктуу буюмдун жардамы м-н, кээде ансыз эле аткарылуучу мелдеши. К. г-нын дене чыңдоо м-н катар эстетикалык тарбия берүүдө да мааниси чоң. Дүйнөнүн чемпионаты 1963-жылдан 2 жылда бир өткөрүлөт. Кырг-ндын спортчулары 1968-жылдан СССРдин биринчилигине катышкан. Республикада К. г-нын Л. Иванова, Л. Абдукаримова, Л. Войтюк, И. Литвинова ж. б. өңдүү чеберлери бар. 1984-жылдан Олимпиялык оюндардын программасына киргизилген, к. *Гимнастика*.

КӨРКӨМ ОКУУ, к. *Декламация*.

КӨРКӨМ СҮРӨТ АКАДЕМИЯЛАРЫ – пластикалык иск-вонун ил.-чыг-лык мекемеси; жогорку көркөм сүрөт мектеби. 16-к-да Италияда пайда болгон К. с. а. антика иск-восун, *Кайра Жаралуунун* улуу чеберлеринин ыкмаларын таанып-изилдеген ж-а сүрөттү иск-вонун башаты катары аздектеген сүрөтчүлөрдүн эркин бирикмеси болгон. 1648-ж. Парижде негизделген алгачкы Живопись ж-а скульптуранын королдук академиясы француз иск-восунун өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген. 17–18-к-да Париж академиясынын үлгүсүндө бир катар Европа мамлекеттеринде (Венада, 1692; Берлинде, 1694; Лондондо, 1768). К. с. а. түзүлгөн. Россияда 1757-ж. Петербургда негизделген. 1933-ж. ЖОЖ болуп эсептелген Бүткүл россиялык К. с. а. ачылып (Ленинградда), 1947-ж. СССР көркөм сүрөт академиясы түзүлгөн. *Кыргыз Республикасынын улуттук Көркөм сүрөт академиясы* 1995-ж. Бишкекте ачылган.

КӨРКӨМ СҮРӨТ ИСКУССТВОСУ – иск-вонун *живописи, скульптураны, графиканы*, о. эле фотоиск-вону бириктирүүчү бөлүгү. Чындыктын тааныш, көргөзмөлүү образы К. с. и-нун чыгармаларынын негизин түзөт. Өзгөчөлүгүнө жараша К. с. и-нун ар бир түрү курчап турган дүйнөнүн көлөм, түс, мейкиндик сыяктуу сапатын, о. эле предметтердин чыныгы формасын ж-а жарык-аба чөйрөсүн өзүндөй чагылдырат. Ошого карабастан көп чыгармалар окуянын убактылуу өөрчүүсүн, күчөтүлгөн баяндаманы камтышы мүмкүн. К. с. и. адамдын жан-дүйнөсүн, кулк-мүнөзүн ачып көрсөтүп, окуянын психол. ж-а эмоциялык мазмунун чечмелөөсү мүмкүн, б. а. ошол доордун руханий, эстетикалык, филос. ж-а этикалык идеялары К. с. и-нун маанимазмунун түзөт. Адамдардын аң-сезиминин өсүшү ж-а алардын дүйнөгө көз карашынын калыптанышы м-н элдик идеяларды чагылдыруунун формасы катары К. с. и-нун мааниси артууда.

КӨРӨҢГӨ – жаңыртып ачытуу үчүн идиштин түбүндө азыноолак калтырылган *кымыз, бозо, максым*. Аны күзгү кымыздын үрпүн (идиштеги кымыздын түбүнө чөккөн коюусунун сүзүп ж-а кургатып алынганы) чогултуп, ышталган чаначтын түбүнө сактайт. Жаз келип, бээ саанга киргенде, ошол коюу үрптү саамалга же кайнатылган жылымык сууга эзип, үстүнө саамал куюп, 2–3 күн ачытып, көпкө бышып, кымызды көрөңгөлөп алат. О. эле кышкы же кеч күздөгү кымыздан (үрпү менен) муздак жерге тоңдуруп коюп, К. катары пайдаланат. К-гө жараша ж а ш кымыз (бир күндүк), к ү ч т ү ү кымыз (эки күндүк) ж-а ө т к ү л кымыз (үч күндүк) деп аталат.

КӨРПӨ – козу териси; кылчык жүндүү койдун эки жумага чейинки жаш козусунун тармал жүндүү териси. Тармалы ири, жүнү жыш болот. Андан тумак, жака, тон ж. б. жасалат.

КӨРПӨ-ТОО Ички Теңир-Тоодо. Ак-Сай өрөөнүнүн түштүгүндө. Ат-Башы р-нунун аймагында. Какшаал тоо тизмегинин батышынан орун алып, меридиан багытында дого сымал 36 *км*ге созулат. Туурасы 18 *км*. Орт. бийикт. 4200 *м*, эң бийик жери 4552 *м*. Тоонун суу бөлгүчү Ак-Сай өрөөнүнүн таманынан 800–1000 *м*ге көтөрүлүп жатат. Кырында тоонун тектон. көтөрүшүнө чейинки байыркы түздүктөрдүн калдыктары сакталган. Мөңгүнүн жалпы аянты 25 *км*². Батыш капталы жазыраак келип, Ак-Сай өрөөнүнө жантайып түшөт. Чыгышы кыска, Корумду өрөөнүн карай тик. Ашуулары: Кичи (3630 *м*) ж-а Чоң (4020 *м*), Сары-Белес, Түз-Ашуу (3590 *м*) ж. б. Тоодон Ак-Сайдын оң куймалары агып түшөт. Карбон м-н девондун кумдук, сланец, кремний, конгломерат, акиташ тектеринен туруп, кеңдик багытындагы тектон. жаракалар м-н тилмеленген. 3900 *м* бийикке чейин субальп, альп шалбаасы, шалбаалуу талаа, субнивалдык суук чөл, андан жогору нивалдык-гляциалдык тилке эзлейт. Жайыт.

КӨРПӨЧӨ – ээрдин үстүнө салып, басмайыл м-н тартылуучу төшөк. Ичине жүн же кебез салынып, тышына чий баркыт, трайке (балдардыкына кыжым, бейкасам) капталып, шырылып же жээги кыюуланып жасалат. Аялдар үчүн асемделип саймаланган баркыт К., кээде К. ордуна жууркан колдонулган. Балдар минчү ээрге (айырмач, кичине ээр) көбүнчө к ө п ч ү к салынган. Көпчүк ичине жүн, кыл, коога (жекен) ж. б. салынып, тышына калың кездеме, кийиз, жаргак, таар тышталып, шырылып жасалган.

КӨРСӨТКҮЧ, к. *Курсор.*

КӨРСӨТКҮЧТҮҮ ТЕҢДЕМЕ – белгисизи даража көрсөткүчүндө камтылган теңдеме. К. т-нин жалпы чыгарылыш эрежеси жок. Ошондой болсо да элементардык математикада К. т. берилген түрүнө жараша чыгарылат. Түрдүү (теңдеменин эки жагын тең логарифмалоо, өзгөрүлмөсүн алмаштыруу, бирдей негизге алып келүү, графиктик ж. б.) жолдор м-н К. т-ни чыгаргандан кийин белгисиздин табылган маанилерин, шарты б-ча кайрадан текшерип чыгуу зарыл болуп эсептелген теңдеме. К. т-нин эң жөнөкөй түрү – $a^x=b$, мында x – белгисиз чоңдук, a – бирге барабар эмес берилген оң сан ($a\neq1$, $a>0$). Эгер $b\leq0$ болсо, анда бул теңдеме чыгарылышка ээ болбойт. Эгер $b>0$ болсо, анда x тин бул теңдемени канааттандыруучу бир гана мааниси болот. Эгер b саны a^c түрүнө келтирилсе, көп учурда К. т-ни чыгаруу $a^x=a^c$ түрүндөгү теңдемени чыгарууга алып келет. Демек, $x=c$ бул теңдеменин жалгыз чыгарылышы болот. Жалпылап алганда, эгер $a>0$ ж-а $a\neq1$ болсо, анда $af(x)=ag(x)$ теңдемесин $f(x)=g(x)$ теңдемеси м-н алмаштырууга болот. Чынында эле көрсөткүчтүү функция монотондуу болгондуктан, алардын негиздеринин барабардыгынан көрсөткүчтөрүнүн барабардыгы келип чыгат. Тескерисинче, эгер $f(x)=g(x)$ болсо, анда $af(x)=ag(x)$ аткарылат.

КӨРСӨТКҮЧТҮҮ ФУ́НКЦИЯ – $y=a^x$ түрдөгү функция, мында $a>0$ чыныгы сан, $a\neq1$. Аныкталуу облусу $-\infty<x<+\infty$ маанилеринин облусу $0<y<+\infty$, $a>1$ болсо, функция даана өсөт, $0<x<1$ болсо, даана кемийт. $y=a^x$ ж-а $y=a^{-x}=(1/a)^x$ функцияларынын графиктери ордината огуна карата симметриялуу.



$a>1$, үчүн $\lim\limits_{x\to-\infty} a^x=1$, $a<1$ үчүн $\lim\limits_{x\to-\infty} a^x=0$, демек абсцисса огу графиктин асимптотасы болот, $a^{x_1}\cdot a^{x_2}=a^{x_1+x_2}$ болгондуктан, К. ф. кошуунун теоремасын канааттандырат: $f(x_1)\cdot f(x_2)=f(x_1+x_2)$. Айрым учурда, $a=e$ болсо (e–натуралдык логарифмдин негизи, $c=\lim\limits_{x\to\infty}\left(1+\frac{1}{x}\right)$ экспоненциалдык функция же экспонента деп аталуучу $y=e^z=expz$ функциясы алынат. Бул функция бардык чыныгы ж-а комплекстик сандардын көптүгүндө аныкталат. Чыныгы облуста $y=a^x$ функциясы м-н $ax=e^x$ формуласы аркылуу байланышат. К. ф. чек[illegible] дифференциялдануучу: $(a^x)'=e^x\ln a$, $\int a^x dx=$ [illegible] c айрым учурда $(e^x)'=e^x$, $\int e^x dx=e^x+c$ К. ф. н[illegible]ги элементардык функциялардын бири, аны[illegible]ардамы м-н тригонометриялык ж-а гиперб[illegible]лык функциялар аныкталат ж-а матем. анализде көп колдонулат.

Ад.: *Бронштейн И. П., Семендяев К. А.* Справочник по математике М., 1981; *Курош А. Г.* Курс высшей алгебры. М.,1983.

«КӨР УУЛУ» – О. Азия, Кавказ ж-а Ж. Чыгышка таралган фольклордук чыгарма. 16-к-дын 2-жарымында пайда болгон. Анын эки версиясы бар. Бири Батышка (армян, түрк, азербайжан, грузин версиясы), экинчиси Чыгышка (түркмөн, өзбек, казак, тажик версиясы) таралган. Батыш версиясы б-ча каарман – атасын сокур кылган зулумдан өч алуучу (Көр уулу деген ушундан калган) элдик баатыр ж-а төкмө ырчы. Мында окуя өзүнчө аңгеме түрүндө баяндалат. Аңгемелер лирикалык ж-а эпикалык ырлардан куралган кыстырмалар м-н айкалышта берилет. «К. у.» жарым-жартылай тарыхый, жарым-жартылай уламыш мүнөзүнө ээ. Тарыхыйлыгына 16–17-к-дагы документтер күбө (мис., армян тарыхчысы Аракел Тавризскийдин Стамбул китепканасындагы архив материалы). Түрк версиясы б-ча (Ж. Чыгышта) «К. у.» чакан повесть түрүндө калыптанган. Анын каарманы – жерг. феодал Болубийге каршы күрөшкөн качкын. О. Азия версияларынын Батыштыкынан айырмаланган белгилери баш каарман энесинен көрүстөндө туулган үчүн Көр уулу аталган, тектүү жерден чыккан адилет башчы болот; кырк чоросу м-н мекенин коргоп, коңшу феодалдарга каршы согушат. «К. у-нун» бардык версияларында каарман теңдик м-н бир туугандык өкүм сүргөн Шамлыбел деген ажайып өлкөдө жашаганы айтылат. О. Азия версиялары жомоктук, фантастикалык көрүнүштөргө бай. «К. у-нун» образы аркылуу элдин баатыр, калыс ж-а чынчыл падыша ж-дөгү идеалы берилген.

КӨРҮНДҮК – жаңы төрөлгөн баланы, жаңы келген келинди, кайындап барган жаңы күйөөнү, о. эле жакшы буюм, алгыр куш, кыраан тайган, чыгаан күлүк сыяктууларды адеп көрүү үчүн алардын ээсинин кубанычын тең бөлүшүү, аны кубаттоо иретинде чын көңүлүнөн берилүүчү ырым; акча, буюм.

КӨРҮСТӨН, к а б ы р с т а н – маркумдун сөөгүн коюу үчүн бөлүнгөн атайын жай. К-дүн тиби ж-а аны сактоо тартиби тигил же бул элдин, диндин, сектанын, социалдык топтун ж. б. сөөк коюу ырым-жырымдарына байланыштуу болот. Кыргыздарда К. айылдан обочо же дөбөчө жерде, ал эми шаарда атайын бөлүнгөн жайда болот. Айрым мүрзөлөргө эстелик тургузулгандыктан, К. улут[illegible]к-тарыхый мүнөзгө ээ.

КӨРҮҮ – органи[illegible]дин көрүү органы (көз) аркылуу объектилер[illegible]гылдырган жарык шооланы баамдоо м-н ты[illegible]ы дүйнөнү кабыл алуусу. К. омурткасыз ж-[illegible]мурткалуу жаныбарлардын басымдуу көпч[illegible]үнө таандык. Эволюция мезгилинде жары[illegible]үүлүктүргүчтөрүнө тандалма жооп кайтарууч[illegible]атайын жарык сезгич клеткалар (мис., сөөл[illegible]дын жабуучу ткандары) пайда болгон. К-сү жакшы өөрчүгөн жаныбарлар жарыкты көздүн жардамы м-н сезишет. Бардык омурткалуулардын ж-а көптөгөн омурткасыз жаныбарлардын жуп К. органдары баштын капталында же маңдайкы бөлүгүндө орун алган. Баш ж-а көз кыймылсыз абалда турганда, жаныбарлар жарыкты кабылдай ала турган мейкиндик анын К. талаасын түзөт. Ал өз иретинде бир көз м-н К-гө (монокулярдык) же бир убакта эки көз м-н К-гө (бинокулярдык) туура келүүчү зоналарга бөлүнөт, объекттин монокулярдык сүрөттөлүшү жалпы бир К. элесине чогулат. Физиол. функция катары К-нүн эң маанилүү касиети – өзгөрүлүп турган шартка ыңгайланууга жөндөмдүүлүгү. Көздүн тор челинде ар түрдүү узундуктагы жарык толкундарын сезгич фоторецепторлордун бир нече тибинин болушу, күндүзү, түнкүсүн, күүгүмдө К. мүмкүнчүлүгүн камсыз кылып турат. К-нүн курчтугу – анын сапатынын эң негизги көрсөткүчтөрүнүн бири. К-нү камсыз кылып турган дене курамаларынын жыйындысы К. системасын түзөт, к. *Көрүү органы.*

КӨРҮҮ ОРГАНЫ – жаныбар ж-а адамдын жарык сезүү органы. Омурткасыз ж-а бардык омурткалуу жаныбарда болот. Көп клеткалууларда жарык сезгич клеткалар (фоторецепторлор) К. о-нын негизги элементи болуп эсептелет. Көпчүлүк жаныбардын көзү башында жайгашып, көрүү нерви аркылуу мээ м-н байланышкан. Эң жөнөкөй К. о. дененин үстүнкү бетиндеги эпителий клеткаларынын арасында жайгашкан өзүнчө көрүү клеткаларынан турат. Мындай органдар караңгыны жарыктан гана айырмалайт (мис., сөөлжандыкы). К. о-нын татаалданышы эволюция процессинде чачкын көрүү клеткаларынын чогулушунан, пигмент экрандарынын, о. эле жарык сындыруучу, аккомодациялык, көздү кыймылдатуу, коргонуу ж. б. ыңгайлануулардын калыптанышынан пайда болот. Татаалданган К. о. ыйлаакча же кээде алардын көңдөйү жарык чагылтуучу килкилдек зат м-н толгон. Айрым моллюскалардын, муунак буттуулардын К. о-нын диоптрий ж-а жарык чагылтуучу аппараты болот. Кээ бир муунак буттуулардын К. о. өзүнчө айрым көзөнөкчөлөрдөн туруп, фасеттүү көздү түзөт. Организм К. о. аркылуу объектилерден чагылган жарыктарды, шоолаларды баамдоо м-н тышкы дүйнөнү кабыл алат, б. а. тышкы дүйнө ж-дө маалымат алат. Кишинин ж-а бардык омурткалуулардын (айрыкча куштар), кээ бир омуртасыздардын К. о. мыкты өөрчүгөн, к. *Көз, Көрүү.*

КӨРҮҮЧҮ – спектаклдин негизги компоненттеринин бири, к. *Театр.*

КӨРҮШҮҮ ЫРЛАРЫ – элдик оозеки чыг-лыктагы *каада-салт ырларынын* түрү. Мындай ырларды күйөөгө бараткан кыздын апасы, жеңелери, эже-синдилери ырдашкан. Анда кызга бакыт тилеп, бала-чакалуу, ырыс-кешиктүү жар болушун каалаган ойлор, о. эле куда-кудагыйларга кыздын аманат өмүрү, кийинки тарбиясы табышталган, аларга адамдын тагдыры өткөрүлүп берилгени билдирилген.

КӨСӨӨ – 1) күйүп жаткан отту же чокту арыбери көсөп, ичкертип, күйүүгө ылайыктап оңдоп коюу ж-а оттун күлүн түшүрүү үчүн колдонулуучу кыска таякча. Ал ичке темирден учу бир жагына ийилип, от көсөөгө ылайыкталып жасалат; 2) сакал-мурут чыкпаган киши.

КӨСӨӨ – Ош обл-нун Араван р-нундагы кыштак. Төбө-Коргон айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 580 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Араван кыш-нан 17 *км* түн.-батыш тарапта. Асаке т. ж. бекетинен 15 *км*. Кыштак 19-к-дын аяк ченинде орношкон. Калкы 2293 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, оорукана ж-а дарыкана бар.

КӨСӨ-ТЕРЕК – Жалал-Абад обл-нун Базар-Коргон р-нундагы кыштак. Кызыл-Үнкүр айыл округуна караштуу. «Кызыл-Үнкүр» токой чарбасынын аймагында, Кенкол суусунун сол куймасы Көсө-Теректин боюнда, деңиз деңг. 1320 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 64 *км* түн.-чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 96 *км*. Кыштак 1932-ж. орношкон. Калкы 1001 (2008); негизинен токойчулукта эмгектенет. Үч тегирмен, соода түйүндөрү иштейт.

КӨТӨРМӨ – бир нерсени сүйрөө, байлоо же таңып көтөрүүгө ылайыкталып эшилген жоон жип, кыска аркан. Ал жүндөн, кылдан ж-а кендирден эшилет. Учурда кендир К. көбүрөөк колдонулууда.

КӨТӨРМӨ – ташкынды, селди дарыянын жайылмасынан чыгарбоо үчүн дарыя жээктей курулган тосмо. Кээде көлдөрдүн, суу сактагычтардын жээктерин бекитиш үчүн да курулат.

Түшүнүк геогр. аттардын курамында да кездешет: Көтөрмө (Ноокат р-нундагы кыштак), Көтөрмө-Арык (Өзгөн р-нундагы кыштак) ж. б.

КӨТӨРМӨ – Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нундагы кыштак. Сары-Камыш айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1920 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Токтогул шаарчасынан 140 *км* чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 340 *км*. Калкы 1001 (2010); негизинен мал м-н алектенет. Медпункт бар.

КӨТӨРМӨ – Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нундагы кыштак. А. Сүйөркулов атн. айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1040 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Токтогул шаарчасынан 11 *км* чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 169 *км*. Кыштак 1967-ж. негизделген. Калкы 1600 (2010); негизинен мал асырашып, тоют даярдашат. Орто мектеп, китепкана ж-а медпункт бар.

КӨТӨРМӨ (1900-ж. чейин Үч-Коргон) – Ош обл-нун Ноокат р-нундагы кыштак. Кыргыз-Ата айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1510 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ноокат ш-нан 7 *км* түш.-чыгыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 47 *км*. Калкы 2974 (2007); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү, амбулатория ж-а медпункт бар. Турмуштиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода жайлары иштейт.

КӨТӨРМӨЙ – балдардын чүкө оюнунун бир түрү. Анда эки же үч бала ат (сака) калчашып, кимдин сакасы конбой калса, ал чийинден 3–6 *м* алыстыкка сакасын таштап, калгандары чийинден анын сакасын аткылайт. Кимисиники тийсе, аны сакасы түшкөн жерге чейин көтөрүп барат.

КӨТӨРҮҮ КҮЧҮ – суюктук же газ абалындагы чөйрөдө кыймылдоочу нерсеге, ал чөйрөнүн агым ылдамдыгына перпендикуляр (тик) багыт б-ча багытталган толук басым күчү. К. к. нерсени айланып агып өткөн аба агымынын симметриялуу эместигинен пайда болот, мис., самолёт канатынын үстүнөн ж-а астынан өткөн аба агымы бирдей эмес. Канаттын туурасынан кесилишинин симметриялуу эместиги канаттын астынкы бети м-н үстүнкү бетинде аба ылдамдыгынын айырмасына алып келет. Жуковский теоремасына ылайык кысылбаган идеалдык суюктуктун канаттын бир бөлүгүнө аракет эткен К. к. $Y=\rho\upsilon GL$, мында ρ – чөйрө тыгыздыгы, υ – агым ылдамдыгы, G – куюн түзүү ылдамдыгы, L – канаттын узундугу. К. к. – учуучу аппараттардын негизги мүнөздөмөсү.

КӨЧ – бир орундан экинчи орунга конуш которуу үчүн келе жаткан жүк, кире; Жайлоого көчүүнүн өзүнчө *каада-салты*, шаан-шөкөтү болгон. Тан заардан туруп, көчкө камынышкан. Үйлөрдү чечип, кереге-уук, үзүк-туурдуктарды өз-



өзүнчө таңып, тоо, [illegible], ат, өгүздөргө жүктөшкөн. Аксакал кары[illegible], байбичелер көч башташкан. Артынан ка[illegible]дер бала өңөрүп, кыздар аларды жандап, уул [illegible]дар кунан-тайын минип, жигиттер мал айдап жөнөшкөн. Кыргыз көчү өзүнчө эле салтанатка айланган. Жол боюндагы айылдардын эли тосо чыгып, «Көчүң байсалдуу болсун!» дешкен. Кыз-келиндер «ак жалгасын» деп ырым кылып, ак (айран, кымыз) сунушкан, чын пейилден тыныгып кетүүлөрүн өтүнүшкөн. Көчүп бараткандар сунулган аякты (же кесени) адегенде ат жалына тийгизип, андан кийин гана жутушкан. Алардын кең пейилине, кайрымдуулугуна, меймандостугуна ыраазычылык билдирип, ак бата берип, жолун улантышкан.

КӨЧКҮ – тоонун тик капталдарынан оордук күчүнүн натыйжасында тоо тек, кардын ылдый карай кулап же жылбышып түшүшү, к. *Жер көчкү, Кар көчкү, Тоо көчкү.*

КӨЧМӨНДҮК, номадизм (гр. nomas, nomados – көчүү, көчүп жүрүүчү) – калк тиричилигинин малчылык м-н байланышкан турмуш образынын өзгөчө формасы. Отурукташпаган, бир жерден экинчи жерге көчүп жүргөн көчмөн элдин турмушу. Б. з. ч. 2-миң жылдыктын аягы – 1-миң жылдыктын башында эмгектин коомдук бөлүнүшүнүн натыйжасында же Евразиянын тоо-талаа жерлеринде жашаган урууларды көчмөн малчылыкка өтүшүнө байланыштуу К. пайда болгон. К-кө өтүү мал башынын көбөйүшүн, ээн жерлердин өздөштүрүлүшүн, уруу аралык байланыштардын өөрчүшүн шарттаган. Адегенде Азиянын Кара дениз жээктеринин, Түн. Африканын тоо-талааларын мекендеген көчмөн чарбаларда кой, эчки, тоо, жылкы багылган; кийинчерээк Арктика аймагында көчмөн бугу чарбасы пайда болгон. О. Азиянын негизги урууларында чөң аймактарга көчүп-конуп жүрүүчү чыныгы көчмөн чарбалар 10–11-к-да калыпка салынган. Жер шартына жараша К-түн негизги үч түрү болгон: 1) «меридиандык» (казактар сыяктуу малды жайында түндүккө, кышында түштүккө сүрүү) көчүү; 2) «чөлдүк» (түркмөндөр сыяктуу малды кудуктан кудукка

же кудук тегерегине айдоо) көчүү; 3) «тике» (кыргыздар сыяктуу малды өрөөндөгү кыштоолордон бийик тоолуу жайлоолорго сүрүү) көчүү. Айрым элдерде (курддар, афгандар) К-түн отурукташкан, чала көчмөн түрү өкүм сүргөн. Көчмөндөр мал м-н гана чектелбестен, дыйканчылык, соода-сатык, аңчылык м-н да кесиптенишкен. Көчмөн калктар убактылуу чөң саясий бирикмелерге («көчмөн империялар») баш кошуп, чөң аймак[illegible]рды каратып, тарыхый процесске таасир [illegible]гизген. Көчмөн элдер материалдык (*боз* [illegible]нын жасалгалары, *ат жабдыктары*, айры[illegible]оо куралдары, колдонмо исквонун үлгүлөрү[illegible] б.) ж-а рухий (баатырдык эпос, элдик ооз[illegible] лирикалык ырлар, жомоктор ж. б.) мад[illegible]н өзгөчө түрүн иштеп чыккан. Бирок К. [illegible]мдо уруулук мамилелер сакталып, өндүрү[illegible]жай өнүгүп, натыйжада социалдык мамилелердин өөрчүшү кечеңдеген. 19-к-дын аягы – 20-к-дын башында көчмөн элдерди отурукташтыруу ишке ашырылган. Учурда көчмөндөр цивилизациясынын башатында турган эң байыркы кыргыздардын турмуш-тиричилиги дүйнөлүк мад-ттын бир тармагы катары иликтенүүдө.

Ад.: *Байбулатов Б.* Социально-экономический строй Киргизии до Великой Октябрьской Социалистической революции. Ф., 1958; *Жунушев К.* Экономические предпосылки возникновения товарного хозяйства в дореволюционной Киргизии. Ф., 1963.

КӨЧМӨН ЧАРБАЛАРДЫ ОТУРУКТАШТЫРУУ – Совет бийлиги орногондон кийин СССР-дин курамына караган көчмөндөрдү отурукташтыруу үчүн колдонулган атайын саясий иш-чара. Кырг-нда бул маселе Кыргыз обкомунун пленумунда (1931, 1–4-февраль) ж-а Кыргыз АССР Советтеринин 3-съездинде (1931, 6–12-февраль) каралып, тиешелүү чечимдер кабыл алынган. Ошол эле жылы Кырг-н ЭКСтин алдында К. ч. о. б-ча респ., райондук к-ттер түзүлүп, 1937-жылга карата жарым млндой көчмөн калк отурукташтырылган. Анын негизинде айыл-кыштактар колхоз-совхоздорго айланып, чарба жүргүзүү үчүн маданий-агартуу ж. б. мекеме, ишканалар курулган, к. *Айыл чарбаны коллективдештирүү.*

КӨЧМӨ ТЕЛЕСТА́НЦИЯ – студиядан тышкаркы теле берүүлөрдү жүргүзүүчү аппаратуралар комплекси. К. т-нын негизги өзгөчөлүгү жогорку мобилдүүлүгү, окуя болуп жаткан жерден түздөн түз алып көрсөтүү же жаздыруу болуп эсептелет. Алгач К. т. КМШ өлкөлөрүндө 1948-жылдан кара–ак түстөгү, ал эми 1968-жылдан тартып түстүү сүрөттөлүштөрдү алып көрсөтүүдө колдонулууда. К. т-нын курамына: автобуста монтаждалган телеаппаратура, алып жүрмө телекамералар, күчөткүч, микрофон, телеборбор м-н байланыштыруучу аппаратура ж-а ага телесигналдарды берүүчү радиорелелик жабдуулар, генератор кирет. Тартып берүүчү камералардын автобустан четтөө аралыгы 2 *км*, микрофондуку 400 *м*. О. эле сыртка чыгаруучу бөлүктөрүн: радио бергич, параболалык антенна түзөт ж-а ал автобустагы башкаруу аппаратурасына кошулат.

КӨЧМӨ ЭЛЕ́КТР СТАНЦИЯСЫ, к. *Электр станциясы.*

КӨЧӨРБАЕВА Айнура [2. 6. 1971-ж. т., Талас обл., Киров (азыркы Кара-Буура) р-ну, Киров айылы] – экономика теоретиги, экономика илимд. доктору (2008), КР билим берүүсүнүн отличниги (2009). КМУнун экономика ф-тин (1993), КР УИАнын аспирантурасын (1993–96), КРСУнун докторантурасын (2001) бүткөн. 1997-жылдан КРСУда окутуучу, проф. (2008). Экономиканын теориясы б-ча адис. 80ден ашуун ил.-метод. эмгектин автору.

Эмг.: Механизм регулирования занятости населения в регионе с высоким демографическим потенциалом в условиях рыночной экономики. Б., 1998; Производство и оборот человеческого капитала в переходный период. Б., 2000; Теоретико-методологические аспекты социальной политики в трансформационной экономике. Б., 2006.

КӨЧӨТ – 1) магиялык маанидеги ырым. Эмчидомчулар адамдын денесиндеги жаман жинди жаныбарга же буюмга көчүрүүгө болот деп эсептешип, дарылашкан; 2) көркөм кол өнөрчүлүктө бири-бирине окшош, кайталанып түшүрүлгөн оюмдардын жалпы аты. Көпчүлүк убакта оюм деген сөздүн синоними катары да колдонулат.

КӨЧӨТ – уруктан өндүрүлүп, кийин туруктуу жерге көчүрүлүп отургузулуучу жаш жашылча ж-а дарак өсүмдүктөр. Мөмө дарак К-ү себилме өсүмдүккө кыйыштырылып алынат. Калемче да К-кө кирет. Ачык аянтка отургузулуучу жашылча К-төрү парник же жылытылмада өстүрүлөт. Бадыран, томат ж. б. жашылча К-төрүнө электр кубаты м-н кошумча жарык берилет. Мындай учурда өсүмдүк 7–15 күн эрте мөмө байлап, түшүмдүүлүгү жогорулайт (мис., бадырандыкы 15–20% ке, томаттыкы 20–30% ке). Эрте жетилүүчү ак ж-а түстүү капуста, бадыран, томат, баклажан, калемпир К-төрү карапа идишке өстүрүлүп, аларды жабуу үчүн ар кандай плёнкалар (полиэтилен, поливинилхлорид ж. б.) колдонулат. Плёнка м-н жабылуучу жайларда К. өстүрүүдө темп-рага, абанын нымдуулугуна өзгөчө көңүл буруу керек. Өсүмдүктү К-үнөн өстүрүү анын ачык аянттагы вегетация мөөнөтүн кыскартат; вегетация мезгили узак, баалуу сорттогу өсүмдүктөрдү жайы кыска аймактарда өстүрүүгө, эрте түшүм алууга ж. б. мүмкүндүк берет. Жакшы К. өстүрүү үчүн топурактын таза болушу, илдет м-н зыянкечтерге каршы дары чачуу, имараттын жакшы желдетилиши, абанын өтө нымдуу болушу зарыл.

КӨЧӨТ ТОПУРАГЫ – кооз өсүмдүк өстүрүүдө пайдаланылуучу топурак аралашмасы; түрдүү кошулмалардан даярдалат. Чым топурак К. т-нын көбүнүн курамына кирет. Ал эски жа-

йыттан алынып, уйдун кыгына (4 $м^3$ чым топуракка 1 $м^3$ кык) аралаштырылат. Топурактын кычкылдуулугун төмөндөтүү үчүн акиташ кошуп, суу чачып, эки жыл бою даярдалат. Чиринди топурак жылытылмада (парникте) мурда пайдаланылган кык ж-а топурактан турат. Парникти тазалаганда, чиринди топуракты бир жерге үйүп, аралаштырып турат (бир-эки жылда даяр болот). Компост топурак ар кандай орг. калдыкты (отоо чөп ж. б.) чиритүүдөн алынып, кык чыласы, суу чачылат; кычкылдуулугун азайтыш үчүн акиташ кошуп, 2–3 жылдан кийин пайдаланылат. Чым көң топурагы чым көңдөн алынат. Узата үйүлүп, бир жайда 3–4 жолу аралаштырылып, кык чыласын чачып, акиташ, фосфор унун же күл кошуп даярдалат. Чым көң топурагына азот бактеринин м-н фосфор бактеринин кошсо, сапаты жакшырат. Булардан тышкары К. т. жалбырак ж. б. чириндилерден да алынат.

КӨЧҮБАЕВ (1983-ж. чейин Ч е к - А б а д) – Ош обл-нун Араван р-нундагы кыштак. Чек-Абад айыл округуна караштуу. Райондун борбору Араван кыш-нан 8 *км* батыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 40 *км*. Кыштак 1850-ж. негизделген. Калкы 4963 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто ж-а жатак мектеп, эки китепкана, клуб, мечит, амбулатория, дарыкана бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү, тамактануу жайлары иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Кыштакта Соц. Эмг. Баатырлары Т. Көчүбаев (ысымы ушул кыш-ка берилген), М. *Умарова*, Д. *Рафикова* туулган.

КӨЧҮРМӨ – автордун өзү же башка сүрөтчү тарабынан чыгарманы кайталап, толук кайра чагылдыруу. К. түп нускага көлөмү ж-а тех. каражаттары м-н гана дал келбестен, аткарылыш сапаты да дал келиши керек. К. көп учурда дублет, реплика, кайталоо деген атайын аталышты алып жүрөт.

КӨЧҮРҮП КӨБӨЙТКҮЧ МАШИ́НА – текст, чийме, иллюстрация сыяктуу материалдардын ж-а констр., технол. документтердин көчүрмөсүн алып, аны көбүрөөк нускага көбөйтүп басып чыгаруучу тех. каражат. Анын эки түрү бар. Гектографика түрүндө (спирттүү) сүрөттөлүштү басуу, боёк м-н кагаздуу формага (офсеттик форма) сызуу же басуу аркылуу жүрөт. Офсеттик форма барабандын тегерегинде айланып кагаз аркылуу өткөрүлөт ж-а 300 нускага чейин көчүрүп көбөйтүүгө болот. Ал эми офсеттик форма м-н ротациялык басууда катуу мом же пластик капталган барак колдонулат. Сүрөттөлүш анын бетине терип-жазуучу машина же щуп м-н кесилип түшүрүлөт. Андан кийин офсеттик форма астына жумшак материал капталып, сыя толтурулган барабан тегерегинде айланат ж-а кагаз аркылуу өткөрүлөт. Белгилүү басымда формадагы жылчыктар аркылуу кагазга сарыгат. Ар бир формадан 5 миң нускага чейин көчүрүп көбөйтүүгө болот. Азыр фотокөчүрмө көбөйткүчү м-н алмаштырылууда.

КӨЧҮҮ – жаныбардын убактылуу жагымсыз тиричилик шартына ыңгайлашуу максатында бир азга чукул жерге орун которуусу, б. а. жаныбардын азык издөө, душманынан жашынуу, эс алуу үчүн жер танд[illegible] түрү. Жаныбарлардын көчүүсү мезгилдик ж-а [illegible]кустан болушу мүмкүн. Алар кээде мурда жа[illegible]ан ордуна кайтып келишет, мис., кашка [illegible]чык, карга, таан ж. б. канаттуулар. Айрым у[illegible]да абдан тез көбөйүүчү түрлөрдө жапырт К. [illegible]т, мис., чегиртке, леминг, тыйын чычкан [illegible]. б. жан-жаныбарлардын К-сү.

КӨШӨГӨ – 1) көргө[illegible]й далдалап туруу үчүн үйдүн бир капшытына тартылган буюм. Баалуу жука кездемеден (жибек, шайы, тубар ж. б.) уз. 2,5–3 *м*, эни 2–2,5 *м* чамалуу жасалган; үстүнкү ж-а каптал четтери кыюуланган; үстүнкү кыюусуна илмектер кадалып, ага ичке сызма өткөрүлүп, сызманын эки учу ууктарга кере тартылып байланган. К. кыздын себи м-н кошо келген; маал-маалы м-н түшүрүлүп (жыйылып) турган. К-нүн келип чыгышын кыргыздын эски (көчмөн) жашоо ыңгайы ж-а салттары, асыресе жаңы үйлөнгөндөрдүн ата-энеси м-н кошо турушу, жаңы келген келиндин кайната, кайнагаларынан качышы шарттаган. Учурда К. кыз себинин бир элементи; 2) театрда сахнаны көрүү залынан бөлүү үчүн тартылган далдалагыч.

КРАБДАР (Brachyura) – он буттуу рактар түркүмүндөгү деңиз жандыктары. Денеси таш баканыкындай тегерек, сырты катуу. Башы кичине, катуу кабыкка кирип турат. Биринчи жуп буту м-н жылып жүрөт. Буттарында кыпчуурлары бар. Кыска курсагы симметриялуу келип, жаак көкүрөгүнүн алдында ийилип турат. Эркегинин курсак буттары (1–2 жуп) копуляция органына айланган, ургаачысыныкы 4 жуп. Жумуртка алып жүрүү кызматын аткарат. Алардын 4 миңден ашык түрү белгилүү, көбүнчө тропик деңиздеринде, дарыяларында, тузсуз сууларында ж-а кургакта кездешет. Омурткасыз жандыктардын калдыктары – тарптары м-н азыктанат. *Метаморфоза* жолу м-н өөрчүйт. Кээ бир түрү түсүн өзгөртүүгө жөндөмдүү. К. тамак катары колдонулат.

КРАЙ ТААНУУ — жерг. элдин жардамы м-н өлкөнүн, адм. же табигый аймактын бир бөлүгүн, калк жашаган жерлердин табиятын, калкын, чарбасын, тарыхын ж-а мад-тын изилдөө. Ал тармактык (тарыхый, этногр., топонимиялык ж. б.) ж-а комплекстүү геогр. (коом м-н табият кубулуштарынын өз ара байланыштарын изилдейт) деп бөлүнөт. К. т-нун негизги ыкмасы – табигый үлгүлөр (геол., топурак, биол., зоол.) ж. б. б-ча аймак тууралуу маалымат топтоо ж-а аны иреттештирүү. Край таануучулар табигый аймактарды, тарыхый ж-а маданий эстеликтерди табуу ж-а коргоо м-н, жаратылыш байлыктарын изилдейт. Кырг-нда К. т. иштери музейлерде, мектептерде кеңири жүргүзүлөт.

КРАКАТА́У (Krakatau) – Индонезиядагы арал ж-а аракеттеги жанартоо. Ява ж-а Суматра а-н бөлүп турган Зонд кысыгында жайгашкан. Аянты 10,5 $км^2$. Бий[illegible]кт. 813 *м*. Жанартоо 1883-ж. өтө катуу атыл[illegible], андан 19 $км^3$ жанартоо күлү ж. б. материал[illegible] бүркүлүп чыгып, 800 миң $км^2$ден ашык а[illegible]ты каптап калган. Натыйжада күл абада [illegible]толуп, бир нече жыл бою 80 *км* бийикке ч[illegible]н кечке жуук ж-а таңга маал асман ачык бол[illegible] жаркыроо кайталанып турган. Жанартоон[illegible]атылуусунан бийикт. 20 *мге*



Кракатау. Жанартоонун жалпы көрүнүшү.

жеткен деңиз толкуну жанаша жаткан аралдарды каптап, 36 миңге жакын адам жок болгон. Акыркы жолу 2008-ж. атылган.

КРАКЕЛЮ́Р (фр. craquelure – майда жарака) ж и в о п и с ь т е х н о л о г и я с ы н д а ж-а р е с т а в р а ц и я л о о д о – агартылбаган боз кендирдин үстүндө тартылган майлуу живопистин боёк катмарындагы жаракалар. К. катуу (учтуу жактары м-н), жумшак, үстүртөн ж-а терең болуп бөлүнөт. Боёк катмарынын көбөйүшү м-н анын негизинин ортосундагы коэффициенттик айырмачылыктар К-дун негизги себептерине кирет. Бул айырмачылыктар негиз м-н боёк катмары кургай баштаганда пайда болот. Мындан сырткары, мех. таасирлер (ар кандай сокку, кагышуулар), живопись техникасынын кемчиликтери (мис., жакшы кургай элек катмардын үстүнөн чийүү, түр салуу ж. б.) да себеп болот.



КРАКЛЕ́ (фр. craquele) к ө р к ө м к а р а п а д а – эритилген ж-а боёлгон карапа буюмдардын үстүнкү бетине кооздук үчүн түшүрүлгөн майда жаракалуу торчолор. К. көлөмү ж-а түшүрүлгөн сөлөкөттөрү б-ча ар кандай болушат ж-а түрдүү сүрөт торчолорун түзө алышат.

КРА́КОВ, К р а к у в – Польшадагы шаар. Висла д-нын боюнда жайгашкан. Краков воеводдугунун адм. борбору. Калкы 734,4 миң (2006). Эл аралык аэропорту бар. Кара металлургия, ма-



Башкы рынок аянты жана «Сукенице».

шина куруу, хим., цемент, эмерек, тамак-аш-татымал, полигр. ө. ж. ишканалары иштейт. Ун-т, обсерватория, улуттук сүрөт музейлери, Вевле сүрөт топтому бар. Шаар 8–10-к-да негизделген. 11–16-к-да Польша мамлекетинин, 1815–46-ж. Краков Респ-нын борбору. 1809–15-ж. Варшава княздыгынын курамына кирген. Сепил (бийкеч Мария костёлу (13–16-к.), 10-к., готика стилиндеги собор роман криптосу м-н, капелласы ж-а бейит үстүндөгү жазуулары, королдор ак сарайы; 13–17-к.), шаардын эски бөлүгүндө чеп калдыктары (15-к.), готика стилиндеги бийкеч Мария костёлу алтары м-н, «Сукенице» соода катарлары (13–19-к.), ун-ттин байыркы имараты сакталган. К-дун тарыхый бөлүгү *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине кирген.

Ад.: *Савицкая В. И.* Краков. М., 1975.

КРАКОВЯ́К – поляк эл бийи. Краков воеводдугунда жашагандардын (краковяктар) арасында пайда болгон. Мурда К-ты эркектер гана бийлесе, кийин аялдар м-н бирге бийлешкен. Бал бийи катары 19–20-к-дын башында кеңири тараган.

КРАМСКО́Й Иван Николаевич (27. 5 (8. 6). 1837, Воронеж губ., Острогожск ш. – 24. 3 (5. 4). 1887, Санкт-Петербург) – орус живописчиси ж-а сүрөт сынчысы, коомдук ишмер. Петербург көркөм сүрөт академиясынын академиги (1869). 1857–63-ж. Петербург сүрөт академиясында окуган. К-дун портреттик чыгармалары социалдык-психол. тереңдиги м-н айырмаланат: И. И. Шишкиндин (1873), Л. Н. Толстойдун (1873), Н. Т. Третьяковдун (1876) ж. б. портреттери (баары Третьяков галереясы). Ал тарткан портреттерде карапайым адамдардын жан дүйнөсү берилген: («Мина Моисеев», 1882, Орус музейи, Санкт-Петербург; «Жүгөн кармаган дыйкан», 1883, Киевдеги орус иск-во музейи). Тема-

тикалык картиналары филос.-этикалык проблемалары, адамдардын татаал сезим-туюмдарын чагылдырууга багытталган («Белгисиз аял», 1883, «Оор кайгы», 1884, экөө тең Третьяков галереясы). К-дун негизги чыгармасы – «Христос чөлдө» (1872, Третьяков галереясы). Анда сүрөтчү диндик сюжетти моралдык-филос. планда берип, өзүн курмандыкка берүү идеясын чагылдырат. 1878-ж. Париждеги Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөдө алтын медаль м-н сыйланган.



И. Н. Крамской. «Басылбаган кайгы». 1884. Третьяков галереясы (Москва).

Ад.: *Крамской И. Н.* Каталог выставки. М., 1988; *Карпова Т. И.* И. Крамской. М., 2001.

КРАН (голл. kraan),– 1) суюктук же газ агымын өткөрүү үчүн көзөнөктүү илмек тетигинин кыймылдуу бөлүгү. К-ды жапканда, ал өзүнүн огунда айланып агымдын, багытына тик абалды ээлейт. К. негизги эки тетиктен – кыймылсыз – корпустан ж-а айлануучу – тыгындан турат; 2) машинисттин краны – поезддин (трамвайдын) автоматтык токтоткучун башкаруучу түзүлүш. Ал локомотивдин кабинасындагы башкы аба резервуарын токтоткуч аба магистралы м-н туташтыруучу түтүккө орнотулат.

КРАН (нем. Kran), ж ү к к ө т ө р г ү ч – оор жүктү көтөрүп, бир аз аралыкка жылдырып, ордуна коюучу машина. Ө. ж. ишканаларынын цехинде, курулушта, транспортто ж. б. эл чарба тармактарында колдонулат. Ал негизги курамдан (көпүрө, мунара, ферма, мачта, жебе ж. б.), башкы көтөрүүчү механизмден (лебедка, тельфер), багыттоочу ж-а таяныч элементтерден (аркан, чынжыр), күч орнотмосунан, электр жабдууларынан, жүк кармоочу түзүлүштөн турат.

КРАСИ́ЛЬНИКОВ Иван Павлович (15. 6. 1910, азыркы Саратов обл., Балтай р-ну, Балтай кыш. – 13. 1. 1968, Фрунзе) – Сов. Союз. Баатыры (1943). 1941-ж. Сов. Армияга чакырылганга чейин Фрунзедеги «Кондитер» артелинде мастер болуп иштеген. Улуу Ата Мекендик согушта (1941–45) 193-аткычтар дивизиясынын 685-аткычтар полкунда катардагы аткыч болуп, Харьков, Сталинград, Борб. фронтторунда салгылашкан. Висла д-ндагы салгылаштарга, Днепрден өтүүгө катышкан. Беларуссиянын Барановичи, Польшанын Гданьск, Германиянын Штеттин Гартц, Пенкун ж. б. шаарларын, Одер боюндагы [illegible]ерлерди фашисттерден бошотушкан. Днепр[illegible] өтүүдө бөтөнчө эрдик көрсөткөн. Ленин [illegible]дени, 3-даражадагы Даңк ордени м-н сыйл[illegible].



КРА́СНАЯ РЕ́ЧКА, Ш[illegible]т а к п а й – Чүй облнун Ысык-Ата р-нундан [illegible]ыштак. Красная Речка айыл округуна кара[illegible]у. Бишкек – Балыкчы автомобиль жолунун [illegible]нда, дениз деңг. 737 *м* бийикте, Кеңеш кыш-[illegible] туташ жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кант ш-нан 10 *км* чыгыш тарапта. Кыштак 1926-ж. негизделген. Калкы 7026 (2007); негизинен мал ж-а дыйканчылык м-н алектенет. Орто ж-а мектеп-интернат, китепкана, спорт комплекси, амбулатория, дарыкана бар. Үй-бүлөлүк врачтар тобу, соода түйүндөрү, тамактануу жайлары иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КРАСНОВО́ДСК ПЛАТОСУ Түркмөнстанда; негизинен Красноводск ж. а-н, Каспий деңизинин чыгыш жээгин ээлейт. Эң бийик жери 306 *мге* чейин (түштүгүндө). Негизинен акиташ тегинен, гипстүү мергелден турат. Үстү жайпак дөңсөөлөр, жазы оёндор м-н бөлүнөт; калдык тоолор (бийикт. 40 мге чейин) бар. Чополуу ж-а таштуу чөлгө мүнөздүү өсүмдүктөр өсөт; түн.-чыгышында шор баскан ойдуңдар бар.

КРАСНОДА́Р (1920-ж. чейин Е к а т е р и н о д а р) – Россиядагы шаар. Краснодар крайынын адм. борбору. Кубань д-нын боюнда. Калкы 709,7 миң (2008). Т. ж. бекети. К. – ө. ж-луу ири борбор. Машина куруу (станок, радио ж-а электр-ченегич приборлор, компрессорлор, а. ч. машиналары), нефть ажыратуу, хим. (резина-тех. өндүрүшү өнүккөн), жеңил (кебез-кездеме, камвол-нооту комбинаты, булгаары з-ду), тамак-аш (май, майонез, ар кандай татымалдар, сыр, эт), жыгаччылык ө. ж. ишканалары ж-а витамин, биохим. дары-дармектер, парфюмерия-косметика өндүрүшү, фарфор-фаянс з-ду иштейт. Туризм үчүн чана (үйлөнмө), суу аттракциондору, бассейндер, рафт чыгарылат. Чиркөөлөр, соборлор ж. б. арх-ралык эстеликтер сакталган. Улуу Ата Мекендик согуштан кийин шаар кайрадан курулуп, ондолгон. Кубань казак-орус аскерлеринин 200 жылдыгына обелиск, Екатерина IIге, генерал Л. Г. Корниловго эстеликтер тургузулган. К. – Россиянын түштүгүндөгү илим м-н билимдин ири очогу. ИИИлер, ун-ттер (а. и. Кубань ун-ти), ин-ттар, китепканалар, театрлар, цирк, тарыхый-археол., сүрөт музейлери бар. Чеп катары 1793-ж. негизделген. Эл аралык куурчак театр (1997-жылдан), кино (2005-жылдан) фестивалдары өткөрүлүп турат.

КРАСНОДА́Р КРАЙЫ – РФтин европ. бөлүгүндөгү субъектиси. Чоң Кавказдын батышында жайгашкан. Түш.-батышын Кара деңиз, түн.-батышын Азов деңизи ж-а Керчь кысыгы чулгайт. Абхаз Респ[illegible]ы ж-а Украина (Керчь кызыгы аркылуу) м-н [illegible]ектешет. Аянты 75,5 миң *км*². Калкы 5,1 млн [illegible]008). Адм.-айм. жактан 38 районду, 26 шаа[illegible], 12 шаарчаны камтыйт. Борбору – Краснод[illegible].

Түштүк федер[illegible] округуна кирет. Мамл. бийликтин органда[illegible]стемасы Краснодар крайынын 1997-ж. ка[illegible] алынган уставы аркылуу аныкталат. Адм[illegible]страция башчысы – губернатор.

Табияты кал[illegible]тын жашоосуна жагымдуу. Экол. абалы крайдын түздүк бөлүгүндө а. ч-нын (мал чарба комплекстеринин) ж-а ө. ж-дын калдыктарынан (пестициддер м-н) булганын, хим. өндүрүшү өнүккөн аймактарда өтө курч абалда. Кубань д. ж-а Азов деңизинин акваториясы пестициддер ж-а жер семирткич, Кара деңиз нефть продуктулары аркылуу (Новороссийск м-н Туапсенин аймагы) булганууда.

Крайдын аймагынын көпчүлүк бөлүгүн Кубань-Азов бою ойдуңу ээлейт. Чыгышында Ставрополь дөңсөөсү, түш.-батышында ж-а түштүгүндө Чоң Кавказдын батыш тармактары жатат. Климаты түздүктөрүндө мелүүн континенттик, тоолорунда нымдуу, салкын, Кара деңиздин жээгинде субтропиктик. Январдын орт. темп-расы –4°Сден –5°Сге чейин (Кара деңиз жээги), июлдуку 22–24°С, тоолорунда 8–13°С. Жылдык жаан-чачыны 400 *мм*ден 1400 *мм*ге чейин (Сочинин аймагында), тоолорунда 3200 *мм* ж-а андан ашык (Ачишхо кырка тоосу ж-а Красная Поляна аймагы). Тоолорунда климаты бийиктеген сайын өзгөрөт. Эң ири дарыясы – Кубань, куймалары: Уруп, Лаба, Ак ж. б. Түздүктөрүндө кара, тоо этектери м-н тоолорунда күрөң топурак басымдуу. Түзөң жерлери айдалат. Тоолорунда 1200 *мге* чейин жазы жалбырактуу (эмен, бук, граб), 1200 *м*ден 1800 *мге* чейин ийне жалбырактуу токой, андан жогору субалып ж-а алып шалбаасы жатат. Туапсе ш-нан түштүгүрөөктө субтропика өсүмдүктөрү өсөт. Кен байлыктарынан нефть, газ, темир ж-а маргенец кендери, мергел, гипс, кайнатма туз казылып алынат. Россиядагы агроклиматы ж-а топурак ресурстары жакшы аймак. Кара деңиз жээги – өлкөдөгү маанилүү курорттук ж-а туристтик зона. Минералдуу суулары, дары баткактары көптөгөн курорт м-н санаторийлерде колдонулат.



Абрау көлү.

Калкынын негизин орустар (86,5%) түзөт, о. эле украиндер (2,6), армяндар (5,3), беларустар, грузиндер ж. б. элдер жашайт (2002). Орт. жыштыгы 1 *км*² жерге 67,9 киши (2008). Православныйлар, протестанттар, католиктер, мусулмандар, иудейлер да бар. О. эле эски каада-салттарды да тутат. Шаар калкы 52,6%. Ири шаарлары: Сочи, Новороссийск, Армавир, Ейск, Геленжик, Кропоткин.

К. к. – Россияда өнүккөн ө. ж-луу, а. ч-луу регион. Дүң продукциясынын көлөмү 185,1 млн рублди түзөт. Андагы ө. ж-дын үлүшү 15,7%, а. ч-ныкы 18,5%. Дан эгиндерин (жалпы Россиянын 9,8%и), кант кызылчасын жыйноо (26,8%) ж-а өндүрүү (34%), суу май (21,6%), эт (6%), бал өндүрүү б-ча 1-, күн караманын данын чогултуу (19,9%), жүзүм шарабы өндүрүшү (14,5%) б-ча 2-, сүт ж-а сүт азыктарын даярдоодо 3-орунда турат. О. эле жашылча-жемиш белендөөдө да алдынкы катарда. Башкы ө. ж. тармактары: тамак-аш (жашылча консервалары, сүт, эт, кант, май ж. б.), машина куруу ж-а металл иштетүү, электр-энергетика, отун, курулуш материалдар.

А. ч-нын негизин жашылча өстүрүү түзөт. А. ч-га жарактуу жери 4464,3 миң *га* (жер фондунун 59,1%и), а. и. айдоо аянты 3687,6 миң *га*, анын 55,9% ине дан эгиндери (негизинен күздүк буудай, жүгөрү, күздүк сулу), шалы эгилет. О. эле тоют ж-а тех. өсүмдүктөр (күн карама, кант кызылча, соя, күздүк рапс, эфир-май өсүмдүктөрү) өстүрүлөт. Жашылчачылык, мөмө-жемиш, жүзүмчүлүк өнүккөн, крайдын түштүгүндө чай өстүрүү өнүккөн. Мал чарбачылыгы эт-сүт

«Еврохим – Белая Речка минералдык жер семирткич» ишканасы.



багытында. Чочко асыралып, үй куштары багылат. Т. ж-нун уз. 2088 *км* (2007), асфальтталган автомобиль жолу 17 миң *км*, суу жолу 455 *км*. Порттору: Новороссийск (Россиядагы эң ири; жылына 110 млн *т* жүк ташылат), Туапсе (20 млн *т*), Сочи ж. б. Аэропорттору (Сочи, Адлер, Краснодар, Анапа) бар. 1483 мектепке чейинки, 1270 жалпы билим берүү, 71 кесиптик баштапкы ж-а 139 кесиптик орто билим берүү мекемелери, 140 ЖОЖ (а. и. 11 мамл.) иштейт. 5 театр (а. и. муз., куурчак), 2 филармония, 3 цирк, 38 музей (а. и. край таануу, сүрөт музейи; Краснодарда), 4 китепкана иштейт.

Ад.: Краснодарский край // Большая Российская энциклопедия. Спец. том. Россия. М., 2004; Краснодарский край // Большая Российская энциклопедия. Т. 15. М., 2010. *Р. Карачалова.*

КРАСНОЯ́Р КРАЙЫ – Россиянын Азия бөлүгүндөгү субъектиси. Чыгыш Сибирдин борб. бөлүгүндө, Енисейдин алабында жайгашкан. Түндүгүн Кара (Карск) ж-а Лаптевдер деңиздери чулгайт. Край Түндүк Жер, Норденшельд архипелагдарын ж-а бир нече аралды да камтыйт. Анын курамына Таймыр (Долган-Ненец) ж-а Эвенк р-ндору (өзгөчө статуска ээ) кирет. Аянты 2366,8 миң км². Калкы 2,9 млн (2008). Адм.-айм. жактан 48 районго бөлүнөт. К. к-нда 23 шаарча, 41 шаар бар. Борбору – Красноярск ш.

Сибирь федерация округунун курамына кирет. Мамл. бийликтин органдар системасы крайдын 1996-ж. кабыл алынган уставы аркылуу аныкталат.

Табияты адамдын жашоосуна эң четки түндүктө (Таймыр ж. а-нда) жагымсыз болсо, түштүгүндө жагымдуу. Экол. абалы канааттандырарлыктан өтө курч абалга чейин жетет. Ал жерсуунун, абанын комплекстүү бузулушуна, тоңдун аракетинен топурактын жакырданышына, жер алдында ядролук жардыруулардын кесепетине байланыштуу. Красноярск, Ачинск, Канск ш-нын айланасы өтө булганган. Край Россияда 1980-жылдан атм-ны зыяндуу заттар м-н булгоо б-ча 1-орунда турат.

К. к. Түн. Муз океандын жээгинен Түш. Сибирь тоолоруна чейин (3 миң *км*ге) созулат. Түндүгүн *Таймыр жарым аралы* (анын борб. бөлүгүндө *Бырранга тоолору* жатат) ж-а *Түндүк Сибирь ойдуңу* ээлейт. *Енисей* д. крайды экиге бөлүп агат. Батышы жапыз *(Батыш Сибирь тоздуңу)*, чыгышында *Орто Сибирь боксо тоосу* (орт. бийикт. 500–700 *м*, эң бийик жери *Енисей токол тоосу*, 1104 *м* ж-а Путорана платосу, 1701 *м*) жатат. Түш. бөлүгүндө *Чыгыш Саян* (край чегинде бийикт. 2922 *м*; Грандиозный чокусу), *Батыш Саян* (2930 *м*), о. эле Абакан кырка тоолору ж-а *Кузнецк Ала-Тоосунун* чыгыш капталдары жайгашкан. Тоо аралык ороондор бар. Климаты кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы түндүгүндө –30°Сден –36°Сге,



Енисей токол тоосу.

түштүгүндө –18...–20°С. Июлдуку 13–20°С. Жылдык жаан-чачыны түндүгүндө 200–300 *мм*, борб. бөлүгүндө 400–600 *мм*, түштүгүндө тоо капталдарында 800–1200 *мм*. Аянкы Тунгуска д-нан түндүктү карай түбөлүк тоң кеңири таралган. Негизги дарыясы – Енисей, анын ири куймалары: Туба, Мана, Кан, Ангара, Абакан, Сым ж. б. Ири көлдөрү: *Таймыр, Пясино*, Лама, Шира. Негизинен күл, түштүгүн кара топурак эзелейт. Аймагынын басымдуу бөлүгүндө кызыл карагайлуу тайга өсөт. Түндүгүндө мамык чөп, эңилчек ж-а бадалдуу тундра, түштүгүндө токойлуу тундранын ичке тилкеси бар. Түштүгүндө тоо арасындагы ороондордо талаа ж-а токойлуу талаа өсүмдүктөрү өсөт. Кен байлыктарынан күрөң көмүр, нефть, никель, кобальт, платина, темир, алтын казылып алынат. «Столбы», Борб. Сибирь, Тунгуска, Таймыр, Саян-Шуша, Путорана, Чоң Арктика ж-а Шуша улуттук парктары уюштурулган.

Калкы негизинен орустар (89%), о. эле украин (2,3), татар, немис, беларустар да жашайт. Орт. жыштыгы 1 км² жерге 1,2 киши (2008). Православныйлар, протестанттар, католиктер, мусулмандар, иудейлер бар. Шаар калкы 75,8%. Ири шаарлары: Норильск, Ачинск, Канск, Железногорск, Лесосибирск, Минусинск, Зеленогорск.

Региондун дүң продукциясынын көлөмү 238,2 млн рубль, андагы ө. ж-дын үлүшү 63,2%, а. ч-ныкы 5,2%. Край түстүү металлургия (а. и. аллюминий ө. ж.) продукциясын өндүрүүгө, машина курууга (муздаткыч, тоңдургуч, Россияда 2-орунда, дан эгиндерин жыйноочу комбайндардын 33% ин чыгарат) адистешкен. Россияда токой ө. ж. комплекси м-н өзгөчөлөнөт. Башкы ө. ж. тармактары: түстүү металлургия, машина куруу ж-а металл иштетүү, электр-энергетика

Красноярск ГЭСи.



(Красноярск, Саян-Шуша ГЭСтери, Назаровск, Красноярск ж-а Берёзовск ГРЭСтери), тамак-аш, токой, жыгаччылык, целлюлоза-кагаз. Крайдын а. ч. жакшы өнүккөн эмес. Дан эгиндери, картошко, жашылча айдалат. Сүт-эт багытындагы мал чарбачылыгы өнүккөн. Кой асыралып, үй куштары багылат. А. ч-га жарактуу жери 5041,1 миң *га* (жер фондусунун 7,1%), а. и. айдоо аянты 1887,1 миң *га*, анын 57,7% ин дан эгиндери, 37,1% ин тоют өсүмдүктөрү ээлейт.

Табигый шарт анын катаалдыгынан ички автомобиль магистралдары жокко эсе. Крайдын түндүктөгү айы ктары м-н аба, суу жолдору аркылуу катта . т. Т. ж-нун уз. 2067 *км*, асфальтталган ав обиль жолу 13,2 миң *км*, суу жолунуку 7515 (автономия округдарын кошпогондо). Башк дарыя порттору: Красноярск, Ачинск, Минус ск, Енисейск, Лесосибирск. Жалпы билим б үчү 1553 мекеме, 154 башталгыч ж-а атайын окуу жайлары, 31 ЖОЖ (а. и. 11 мамл., филиалдары м-н), РИАнын Сибирь ил. бөлүмү, 14 театр (а. и. 3 муз., 2 куурчак), живописчи В. И. Суриковдун музей-чарбагы, китепканалар бар.

Ад.: Красноярский край // Большая Российская энциклопедия. Спец. том. Россия. М., 2004; Красноярский край // Большая Российская энциклопедия. Т. 15. М., 2010. *Р. Карачалова.*

КРАСНОЯ́РСК – Россиядагы шаар (1822-жылдан). Красноярск крайынын адм. борбору. Енисей д-нын өйүз-бүйүзүндө жайгашкан. Калкы 936,4 миң (2008). Т. ж. тоому. Эл аралык аэропорту бар. Дарыя порту. К. аркылуу *Транссибирь магистралы*, «Байкал» (Новосибирск – Кемерово – Красноярск – Иркутск – Листвянка) ж-а «Енисей» (Красноярск – Абакан – Кызыл – Монголиянын чек арасына чейин) федерация автотрассасы өтөт. Чыгыш Сибирдин илим, билим, маданий борбору. Машина куруу ж-а металл иштетүү (токой ж-а целлюлоза-кагаз, кеме ө. ж. үчүн жабдуу, экскаватор, комбайндардын тетиктерин даярдайт), түстүү металлургия, хим. (хим. була, жасалма каучук, шина), женил ө. ж. ишканалары, алюминий (дүйнодүгү эң ири; 2007-ж. 1 млн *т*га жакын өндүрүлгөн), муздаткыч чыгаруучу «Бирюса» (Россиядагы эң ири) ж. б. з-ддор иштейт. 1628-ж. негизделген. 19-к-дын 2-жарымынан сүргүнгө айдалчу жер болгон. Россия банкынын билетине түшүрүлгөн 7 шаардын бири. Көпөстөрдүн үйлөрү (1854), коноктор ак сарайы, бийик аркалуу соода катарлары (1860), эклектика стилиндеги турак-жайлар (20-к-дын башы, алтын өндүрүүчүлөрдүн), чиркөөлөр, кечилканалар, соборлор ж. б. сакталган. Он үч ЖОЖ (а. и. 2 ун-т), РИАнын Сибирь бөлүмүнүн Красноярск ил. борбору, музейлер (а. и. край таануу, В. И. Суриков атн. сүрөт), В. И. Суриковдун үй-музейи, сүрөт галереясы, театрлар (а. и. опера ж-а балет, муз. комедия, драма, куурчак) бар. К-ге жакын ГЭС курулган. К-дан 3 *км* түш.-батышта *Мамылар коругу* уюштурулган. Эл аралык фестивалдар (опера) ж-а конкурстар өткөрүлүп турат.

Шаар панорамасы.



КРАСО́ВСКИЙ ЭЛЛИПСОИДИ – Жердин эллипсоиди. Астроном-геодезист, СССР ИАнын корр. мүчөсү Ф. Н. Красовский жетекчилик кылган Борб. геодезия, аэросъёмка, картография ил.-из. ин-тунун кызматкери А. А. Изотов 1940-ж. эсептеп чыккан. Анын чоң жарым огу (экватордук радиусу) 6 378 245 *м*ге, кичине жарым огу (уюлдук радиусу) 6 356 863 *м*ге, уюлдук кысылышы 1:298,3 барабар. Ушуга байланыштуу мурда колдонулуп келген Бесселдин эллипсоидинин ордуна К. э-н колдонуу ж-дө 1946-ж. СССР Министрлер Советинин токтому чыккан. Азыр геодезия ж-а картография иштеринде кеңири колдонулат. Жердин өлчөмүн, формасын так эсептеп чыккандыгы үчүн Ф. Н. Красовскийге (олгондон кийин) ж-а А. А. Изотовго 1952-ж. СССР мамл. сыйлыгы ыйгарылган.

КРА́ТЕР – жанар тоонун чокусундагы чара сымал өтө чоң чуңкур. Капталдары тик же жазы. Диаметри ондогон *км*ге, терендиги жүздөгөн *м*ге жетет. Чуңкурдун түбү жазы, жайык келип, талкаланган тектер толуп калат. Кээде суун, катып калган лава орун алат. Көп сандаган жаракалар кездешет. Мындай жаракалардан газдар, ысык суу буулары шуулдап чыгып турат. Чуңкурдун капталдары талкаланып, урап, кулап тегерек тарткан жапыз тоого айланат. Кээде чуңкурга суу толуп, көл пайда болот. Метеориттердин түшүшүнөн да чуңкурлар келип чыгат. Мис., Ай бетиндеги кратерлер.

КРАЧКО́ВСКИЙ Игнатий Юлианович [4(16). 3. 1883, Вильна – 24. 1. 1951, Ленинград] – чыгыш изилдөөчүсү, арабист, филолог, ислам таануучу окумуштуу. Ленинград ун-тинин проф. (1918), СССР ИАнын академиги (1921). 1905-ж. Петербург ун-тинин чыгыш тилдер ф-тинин араб тили м-н ад-ты бөлүмүн бүтүргөн. 1908–10-ж. Сирия м-н Египетте болуп, араб тили, анын диалектиси ж-а ад-ты, мад-ты м-н таанышкан. К. сов. араб таануучулардын мектебин негиздөөчүлөрдүн бири ж-а Улуу Британия м-н Ирландия королугунун Азия коомунун, Немис чыгыш таануу коомунун, Сирия, Фламанд, Польша, Иран



ИАнын мүчөсү. СССР араб таануучулар ассоциациясын түзүүнүн демилгечиси ж-а анын алгачкы жетекчиси болгон. О. ж-а жаңы кылымдагы араб тили, ад-ты, мад-ты, тарыхына байланыштуу 450дөн ашык ил. эмгектин автору. Ал Чыгыш мусулман өлкөлөрүнүн геогр. ад-тынын тарыхын изилдеген ж-а *Курандын* орусча котормосуна ил. түшүнүк берген. К-дин автобиограф. «Араб кол жазмаларынын үстүнөн иштөө» деген эмгеги (1949; СССР Мамл. сыйл. 1951), бир нече тилге которулган. Тандалган чыгармалары 6 том болуп жарык көргөн (1955–60). Эки Ленин ордени ж. б. медалдар м-н сыйланган.

Ад.: Игнатий Юлианович Крачковский (библиогр.). М.; Л., 1949.

КРЕВЕТКАЛАР (Natantia) – он буттуу *рактар* түркүмчөсү. Уз. 2–30 *см*, курсак жагы булчуңдуу келип, башы м-н көкүрөгүнөн узун. Көпчүлүгүнүн биринчи эки жуп бутунда кыпчуурлары болот. Эки ача курсак буту сүзүүгө жардам берет. Биринчи же экинчи жуп буттары ургаачысында жумуртка алып жүрүүгө, эркегинде копуляция органы катары кызмат аткарат. Алардын 2000ге жакын түрү бар. Туздуу, тузсуз суулардын түбүндө жашап, планктон м-н азыктанат. Терендикте жашагандарынын кээ бири жарык чыгарууга жөндөмдүү, айрымдары кубулуп, түсүн өзгөртөт. Алардын көбү атайын кармалып, тамакка пайдаланылат.



КРЕДИ́Т (лат. creditum – ссуда, credo – ишенем) – 1) *кредитордун* насыя алуучу жеке адамга ж-а юрид. жакка белгилүү мөөнөткө үстөгү (проценти) м-н акчалай же товар түрүндө карыз бериши; кредитор м-н карыз алуучунун ортосундагы өз ара мамилелер. Ал түрдүү формалары, зайым, лизинг, факторинг ж. б. м-н мүнөздөлөт. К. байыркы мезгилдерде эле пайда болгон. К-тин кайра бөлүштүргүч, айланма кредит куралын түзүү, кайта өндүрүү ж-а жөнгө салуучу функциялары бар. Берилген затына карата К-тин товар, акчалай ж-а аралаш формасы кезигет. Алгач товар формасындагы (мал, эгин ж. б.) К-тик мамилелер болгон. Товар формасындагы К. убактылуу колдонууга конкреттүү заттын (мал, дан, тери ж. б.) берилишин караган. Бул форма акча мамилелери пайда болгуча колдонулган. Бүгүнкү күндө деле товар түрүндөгү К. товарларды кандайдыр бир мөөнөткө төлөмүн үстөгү м-н бөлүштүрүп жүргүзүлүүдө. Эгер алынган товардын (электр приборлор ж. б.) ордуна төлөмү акча каражаты аркылуу же тескерисинче жүргүзүлсө, К-тин аралаш формасы болот. Акча түрүндөгү К. убактылуу колдонууга үстөгү м-н берилүүчү акча каражаттарын камтыйт. Бул К-тин формасы бардык экон. мамилелердин субъекттери (мамлекет, ишкана, жарандар ж. б.) тарабынан кеңири колдонулат. К. берилген мөөнөтү б-ча кыска (1 ж. чейин), орто (1–5 жыл) ж-а узак (5 жылдан көп), ал эми берилиши б-ча эл аралык, мамл., банктык, керектөөчүлүк, товардык, коммерциялык, ипотекалык ж. б. болуп бөлүнөт. [illegible]арбалык иш-чараларды жүргүзүүдө, айла[illegible] каражаттарын толуктоодо, негизги фонд[illegible] өстүрүүдө, банк системасынын өтүмдүүлү[illegible]көнгө салууда ж. б. иштерде К-ке өзгөчө [illegible] таандык; 2) бухгалтерия эсебинин оң тар[illegible]. Актив эсебинде К-ке жазуу каражаттын [illegible]ышын, ал эми пассивде – каражаттын көбөйүшүн көрсөтөт.

Ад.: Деньги, кредит, банки. М., 2000; Кредит и кредитный рынок. М., 2006; Банковское дело: современная система кредитования/ Под ред. О. И. Лаврушина. 4-е изд. М., 2009.

КРЕДИ́Т-АКЧА САЯСАТЫ – өлкө м-н улуттук (борб.) банктын биргелешип иштеп чыккан мамл. экон. саясатынын багыттарынын бири. Жалпы жонунан К.-а. с. өлкөнүн экон. саясатынын максаты м-н дал келет, бирок айрым субъекттерге, объекттерге байланыштуу өтмө ж-а тактикалык максаттарга ээ. К.-а. с-нын объекттери болуп акча рыногундагы сунуш ж-а талап эсептелет. Субъекти болуп, биринчи кезекте К.-а. с-н жүргүзүү укугуна ээ улуттук (борб.) ж-а коммерциялык банктар каралат. К.-а. с-нын багыты катары кредит экспансиясы ж-а рестрикциясы эсептелет. Ал негизинен айлануудагы акча каражаттарын көбөйтүүгө, ошол эле учурда коммерциялык банктардын кредит берүү мүмкүнчүлүгүн чектөөгө багытталат.

КРЕДИ́Т БЛОКАДАСЫ – *кредитордун* кайсы бир кредит алуучуларга кредит берүүдөн баш тартышы. К. б. – кредит жүргүзүүдө кредит алуучунун укугун басынтуу шарттарын койгон ж-а процент көрсөткүчтөрүнүн деңгээлин көзөмөлдөөчү *экономикалык блокаданын* түрлөрүнүн бири. Анын максаты – блокко кабылган тарапка финансы-экон. абалын начарлатуу жолдору аркылуу экон. же саясий кысым көрсөтүү. К. б. тышкы ж-а ички болуп бөлүнөт. Т ы ш к ы К. б. – кандайдыр бир өлкөнүн же эл аралык валюта-кредит уюмдарынын кандайдыр бир мамлекетке же мамлекеттер тобуна кредит берүүдөн баш тартышы. Ал тоталдык (жалпы), финансылык (финансылык мамилелерди чектөө), валюталык болот. И ч к и К. б-на өлкө ичиндеги кредит берүүчү мекеменин зайым алуучуларга кандайдыр бир себептердин негизинде (эски карыздарынын жабылбай калышы ж. б.) кредит берүүдөн баш тартышы кирет.

КРЕДИ́Т КАРТАСЫ – электрондук негизде эсеп жүргүзүү үчүн кредиттик уюмдарда (банк ж. б.) ээсинин атайын эсебин тастыктаган пластикалык карта түрү. К. к. ээсине тейлөө кызматтарын ж-а товарларды чекене соода түйүнүндө накталай эмес төлөм аркылуу алуу укугун тартуулайт. Картанын электрондук маалыматты алып жүрүшүнө карата магниттик (магнит сызыгы м-н), чип же смарт карталары деп бөлүнөт. М а г н и т т и к п л а с т и к а л ы к К. к-нда эсепте канча ак[illegible] каражаты каралганы ж-ндө



«Кыргызстан коммерциялык банкынын» кредит картасы.

маалымат болбойт, болгону гана сатып алынуучу товарга же көрсөтүлгөн тейлөө кызматынын акысын жабуу үчүн кайсы банкка кайрылуу керек экендиги ж-ндөгү маалымат болот. Бул карта м-н иш алып барганда кардардын төлөм мүмкүнчүлүгүн билүү үчүн процессинг борборуна же банкка кайрылуу зарыл. С м а р т к а р т а л а р маалыматты өзүнүн кичинекей процессорду элестеткен чибинде ж-а эсепте канча акча каражаты каралганы ж-дө жашыруун маалыматты модулдарда сактайт. Бул карталар м-н иш алып барганда банктар ж. б. кредиттик уюмдар м-н байланышуунун кажети жок, болгону гана электрондук түзүлүштөрдүн жардамы м-н тийиштүү сумманы картадан алып салуу керек. О. эле револьвердик, аралаш К. к. кездешет. Кеңири таралгандары: «Виза», «Мастер кард», «Американ экспресс», «Евро-кард». Кырг-нда «Демир», «Халык», «Кыргызстан коммерциялык банкынын» ж. б. банктардын К. к-лары бар.

Э. Усөнов.

КРЕДИ́Т КЕЛИШИМИ – банк же кредит уюму м-н заёмчунун (юрид. жактын ж-а жеке адамдын) ортосунда кредит алуу б-ча түзүлгөн келишим. Ал б-ча кредит берген жак (кредитор) келишимде каралган шарттар б-ча кандайдыр бир акча каражатын берүү, ал эми кредит алган тарап (заёмчу) өз убагында тийиштүү акча каражатын үстөгү м-н кайтаруу милдеттерин алат. К. к. – заём келишиминин бир түрү. К. к-нин маңызын заттар эмес, акча гана түзөт. Көпчүлүк кредит берүү накталай эмес түрдө болуп, кредит мамилелеринин өзөгүн талап кылуу укуктарын аткарат. К. к. ар дайым кайтарым мүнөзгө ээ. Кредиторго кредиттин акысы катары берилген сумманын проценти эсептелет. Проценттин өлчөмү келишим б-ча аныкталат да, аны төлөө келишим мөөнөтүнө көз каранды ж-а К. к-нде сөзсүз түрдө көрсөтүлөт. Келишим жазуу түрүндө катталат. Мындай форманы колдонбоо К. к-н жокко чыгарат. Көбүнчө кредит берген уюмдар зайымчыга кошулуу келишими болгон келишимдин типтүү формаларын колдонот. Кредит багытын ачканда милдеттендирүүчү банк келишим б-ча коюлган лимиттин негизинде каражатты бир нече жолу берет ж-а кредит берүүнүн жалпы шарттарын камтыган генералдык келишим түзүшү ыктымал.

КРЕДИТО́Р (лат. creditor – ишенимдүү) – 1) кредит мамилелеринин карыз болгон жактан милдеттенме б-ча кандайдыр бир белгиленген иш-чаралардын аткарылышын талап кылган жак. Эгер К-лор көп болсо, алардын ар бири карыз болгон жактан *(дебитордон)* келишим б-ча өзүлөрүнө тийиштүү милдеттенмелердин аткарылышын талап кылса болот; 2) акча каражатын, мүлкүн ж. б. баалуулуктарды убактылуу колдонууга берген кредит мамилелеринин субъектиси. К. болуп мамлекет, банктар, коммерциялык уюмдар (фирмалар), инвестициялык компаниялар ж. б. иш алып барат.

КРЕДИТОРДУК КАРЫЗ – кредит берген жакка кайра кайтаруу милдеттенмесинин негизинде төлөп берилүүчү акча каражаттары. К. к. кредит алган жактын келишим б-ча бардык милдеттенмелерди аткаргандан кийин, о. эле талап кылынбайт деп кредитордун эсебинен чыгарылса жабылат.

КРЕДИ́Т РЫНОГУ – коомдук өндүрүүнүн үзгүлтүксүздүгүн ж-а натыйжалуулугун камсыздоо үчүн кредит ресурстарын аккумуляциялоочу, бөлүштүрүүчү ж-а кайра бөлүштүрүүчү рынок мамилелеринин түрү. К. р. – финансы рыногунун кредит сунуш кылган ж-а кредитке болгон бөлүгү. Ал акча, узак мөөнөттүү кредит финансы ортомчулар – (камсыздандыруу коомдору, ипотекалык ж-а инвестициялык банктар, инвестициялык фонддор катышат) рынокторунан түзүлөт. К. р-нун бардык бөлүктөрү проценттик үстөк м-н байланышкан. К. р-нун негизги функцияларынын бири болуп инвестициялык каржылоо эсептелинет.

КРЕДИ́Т СИСТЕМАСЫ – кредит мамилелеринин, кредит берүү формаларынын ж-а методдорунун, о. эле кредит мекемелеринин системасынын жыйындысы. К. с. банк системасынан ж-а банкка тиешеси жок кредит уюмдарынан түзүлөт. Банк системасы К. с-нын өлкөдөгү эркин акча каражаттарын чогултуп, керектөөгө карата улуттук чарба субъекттеринин арасында бөлүштүргөн негизги бөлүгү катары каралат. Банкка

тиешеси жок кредит уюмдарына инвестициялык ж. б. фонддор, кредит иш-чараларын жүргүзгөнгө укугу бар бардык уюмдар кирет. Экон. системанын бөлүгү катары К. с-нын өзүнүн функциялык, ин-ттук ж-а уюштуруучулук өзгөчөлүктөрү бар. Ага товар-акча мамилелеринин өсүү деңгээли, коомдук ж-а экон. тартип, кредит мамилелери б-ча иштелип чыккан укук ж-а мыйзам негиздери, экон. циклдеги фазанын экон. абалы, мамлекеттин же улуттук (борб.) банктын кредит чөйрөсүн жөнгө салышы, анын өнүгүшүнүн ачыктыгы таасир этет. К. с-нын чарба жүргүзүүсү (борб., рыноктук, өтмө), өнүгүү деңгээли (өнүккөн ж-а өнүгүп келе жаткан), геогр. мүнөзү б-ча (улуттук ж-а эл аралык) классификацияланган бир нече тиби белгилүү.

КРЕЗО́Л, м е т и л ф е н о л д о р, $CH_5-C_6H_4-OH$ – жагымсыз жыттуу суюктук. Мол. салмагы 108,14, үч изомери бар: орто-, мета- ж-а пара-. Бул изомерлердин бардыгы кадимки орг. эриткичтерде жакшы эришет. К. фенол сыяктуу начар кислоталык касиетке ээ; жегичтер м-н крезолят деп аталган туздарды пайда кылат. Электрофилдик орун алмашуу реакцияларына (галогендөө, нитрлөө, сульфирлөө ж-а конденсация) кирет. Ө. ж-да таш көмүр чайырынын К-дук фракциясынан алынат. Ал таш көмүрдү кокстоодо күйүүчү сланецтерди ысытканда ж-а жыгачты пиролиздегенде пайда болгон сульфокислотасынан же толуидиндерден алынат. К. крезолальдегид чайырын, дезинфекциялоочу каражаттарды, боёгучтарды, дары-дармектерди, жарылгыч заттарды, гербициддерди өндүрүүчү сырьё болуп саналат. К. дем алуу органдарынын жука катмарларын дүүлүктүрөт.

КРЕ́КИНГ (англ. cracking – бөлүү) – нефтини ж-а анын оор фракцияларын жогорку темп-рада кайрадан иштетүү процесси. Анда биринчи реакциясында С–С байланышы үзүлүп, Н, CH_3, C_2H_6 радикалдары ж-а алкендер алынат. Радикалдар баштапкы углеводороддун молекуласы м-н аракеттенип, H_2, CH_4, C_2H_6 пайда кылуу м-н бирге чынжырлуу реакция андан ары уланат. К-де дегидрирлөө, изомерлөө, полимерлөө ж-а конденсация процесстери да жүрөт. Процесстер термиялык ж-а катализдик болуп бөлүнөт. Реакцияда газдар, суюк углеводороддор ж-а кокс пайда болот. Гудрондон 500–600°Сде 60–70%ке чейин нефтинин жеңил продуктулары, 20%ке чейин кокс алынат. Нефтинин жеңил продуктуларын кайра иштетүүдө мотор отуну чыгат. Ал эми кокс болсо электроддорду даярдоодо колдонулат. 600–700°Сде нефтинин оор продуктуларынан 50%ке чейин этилен, пропилен ж-а ароматтык углеводороддор алынат. Бул заттар хим. ө. ж-нда баштапкы сырьё катары колдонулат. Катализдик К-де катализатордун катышуусунда, нефтинин кээ бир фракцияларын абасыз шартта 450–520°Сде, 2–3 атм. басымда ысытып бензин, дизель, керосин, газойль фракциялары алынат.

КРЕМА́ЦИЯ (лат. crematio – өрттөө) – өлүктү өрттөө; сөөктү жашыруу каадасынын бир түрү. Жазма булактардагы маалыматтар б-ча о. кылымдарда кыргыздар ж-а аларга тектеш түрк уруулары адам каза болгондо, маркумду минген аты м-н чогуу өрттөп көмүшкөн. Тахир Марвазинин эмгегинде да баяндалат: «Кыргыздар байыртадан маркумду өрттөө жөрөлгөсүн тутушкан. От маркумду [illegible]артып, күнөөдөн арылтат деген ишеничте[illegible]тушкан. Алар мусулмандарга коңшулаш[illegible]шагандан тартып, маркумду өрттөбөй ко[illegible] башташкан». Буддизм ж-а индуизм динин [illegible]ан калктарда К. сакталып калган. Айрым [illegible]рде маркумдун сөөгүн өрттөп, көмүү үчүн [illegible]ын курулган крематорийлер (лат. cremat[illegible]n – өрттөйм) колдонулат. Алгачкы крема[illegible]ий 1876-ж. Миланда курулган.

КРЕМЛЬ – байыркы орус шаарларынын мунаралары бар чеп дубалдар м-н курчалган борб. бөлүгү; коргонуу, сарай ж-а чиркөө курулмаларынын комплекси. Орус жылнаамаларында 1331-жылдан белгилүү («Кремник»). К. 14-к-га чейин «детинец», 16–17-к-да «город», «град» деп аталган. К. көбүнчө дөңсөөгө, дарыя же көл жээгине салынган. Мунараларынын саны, алардын ортосундагы аралыктар жердин рельефине ж-а согушта коргонууга ыңгайлуулугуна байланыштуу болгон. Адегенде дубалы жыгачтан ж-а топурактан, 11-к-дан таштан, кыштан кыналып, көп учурда айланасы суу толтурулган аң м-н курчалган. Биринчи К. Новгороддо (1044), кийин Эски Ладогада (1116), Псковдо (13-к.), Москва, Тула, Коломна, Астрахань ж. б. ш-да (16–17-к.) курулган. К-де негизинен падыша сарайы, боярлар ж-а чиркөө төбөлдөрүнүн үйлөрү жайгашып, коргонуу, о. эле парад өткөрүү милдетин аткарган. 18-к-дын 2-жарымы – 19-к-дын 1-чейрегинен согуштук-стратегиялык маанисин жоготуп, адм. борбор ж-а тарыхый көркөм ансамбль катары шаар комплексине

Москва Кремлинин Спас мунарасы. 1491.



кирип, Москва, Тула, Псков, Смоленск, Новгород ж. б. ш-да сакталып калган.

Ад.: Кремли России / Отв. ред. *Владимирская Н. С.* М., 2003; *Длужневская Г. В., Калинина В. А., Субботин А. В.* Кремли России XV–XVII вв. СПб., 2005.

КРЕ́МНИЙ (лат. Silicium), Si – элементтердин мезгилдик системасынын IVтобунда жайгашкан хим. элемент, ат. н. 14, ат. м. 28,086. Табиятта үч изотоптун аралашмасынан турат: ^{28}Si, ^{29}Si ж-а ^{30}Si. К-дин [illegible]айда күкүмдөрү боз, ири кристаллдары күнү[illegible] кара. Табиятта таралышы б-ча 2-орунда ([illegible]чкылтектен кийинки) турат. 1825-ж. *Берцел*[illegible] фтордуу К-ди SiF_4 калий м-н калыбына келт[illegible]үдөн жаңы элемент ачып, аны силиций деп ат[illegible]и. Жер кыртышындагы К-дин 12%и SiO_2 – кр[illegible]незём, 75%и татаал кычкылтектүү бирикме[illegible]ри (чопо, талаа шпаты, сланец, слюда ж. б.) түрүндө кездешет. Кристаллдык К.– тыгызд[illegible] 2,33 *г/см*^{3}, б. эрүү t 1417°С ж-а кайноо t 2600°С болгон катуу зат. К. көпчүлүк бирикмелеринде IV валенттүү: SiH_4, SiF_4, SiO_2, Si_3N_4 ж. б., II валенттүү да SiO боло алат. Кычкылтек м-н К. кош оксидин SiO_2, оксидин SiO, галогендер м-н галогениддерди SiX_4, суутек м-н силандарды Si_nH_{2n+2} (жалпы формуласы), металлдар м-н силициддерди – кыйындык м-н эриген заттарды пайда кылат. Бөлмө темп-расында майдаланган К. м-н фтор гана реакцияга кире алат: $Si + 2F_2 = SiF_4$. К. хлор м-н 400–600°Сде, көмүртек ж-а азот м-н өтө жогорку темп-рада аракеттенет. Кадимки шартта К-ге к-талар таасир этпейт. К. щелочтор м-н аракеттенип, суутекти ж-а силикаттарды пайда кылат: $Si + 2NaOH + H_2O = Na_2SiO_3 + 2H_2$. К. кычкылтек м-н –Si–O–Si–O– сыяктуу узун чынжырларды пайда кылган туруктуу бирикмелери кеңири таралган. Мис., табигый ж-а синтез жолу м-н алынган силикаттар. Анын молекуласында ар бир К. атому төрт кычкылтек атому м-н жөнөкөй байланыш түзөт. Ошол эле учурда ар бир кычкылтек атому К-дин эки атому м-н байланышат. Натыйжада полимердик түзүлүштөгү хим. бирикме – SiO_2 пайда болот. Ал – кыйындык м-н эрүүчү, кадимки шартта катуу зат. К-дин 95–98% тех. түрү арзан сырьё – кремнезёмду (SiO_2) жогорку темп-рада көмүртек м-н калыбына келтирүүдөн алынат: $SiO_2+2C = Si+2CO$. Ал эми өзгөчө таза К. алуу үчүн тех. К. жеңил учма бирикмелерге $SiCl_4$, SiI_4 ж. б. өткөрүлөт да, бир нече жолу буулантуу ж-а муздатуудан кийин тазаланган бирикме жогорку темп-рада суутек же чаң түрүндөгү цинк м-н калыбына келтирилет. К. жарым өткөргүч техникада, электроникада, электр-техникасында негизги материал катары кызмат кылса, күн батареясы катары космос кемелерин электр энергиясы м-н камсыз кылат. Чоюн ж-а болотко алардын мех. касиеттерин жакшыртуу үчүн кошулат. Карборунддан SiC жасалган кайрак таштар катуулугу б-ча алмаздан кийин турат. К-дин орг. бирикмелеринен жасалган материалдар жогорку темп-рага чыдамдуу, электр изолятору катары суу чөйрөсүндө да мыкты касиеттерге ээ. К-дин орг. бирикмелеринен алынган майлоочу майлар өтө жогорку ж-а өтө төмөнкү темп-рада баштапкы касиеттерин өзгөртпөстөн сактап калат. Мындай майлар – 20–30 *км* бийиктикте учкан реактивдүү самолёттордун кыймылдаткычтарын майлоо үчүн алмашкыс материал.

Ад.: Кремний и его сплавы. Екатеринбург, 2005.

А. Сүйүнбекова.

КРЕ́МНИЙ КАРБИДИ, к а р б о р у н д, SiC – кремний м-н көмүртектин бирикмеси, техникада колдонулган эң керектүү *карбиддердин* бири. Таза түрүндө К. к. – түссүз, алмаздай жалтыраган кристаллдар. Катуулугу б-ча алмаз м-н бор карбидинен кийинки 3-орунда турат. К. к. жашыл же кара көк түстө, 2830°Сде эрийт. Тазаланбаган К. к. жарым өткөргүч касиетке ээ. К. к-не HNO_3 м-н HF к-таларынын аралашмасы ж-а H_3PO_4 230°Сде хлор газы 400–600°Сде таасир этет. Кычкылтектин агымында 800°Сде оксидге өтө баштайт. Эритилген щелочтор м-н аба чөйрөсүндө реакцияга кирет. $SiC + 2KOH + 2O_2 = K_2SiO_3 + H_2O + CO_2$. К. к-не Na_2O_2 м-н таасир эткенде натрийдин силикаты ж-а карбонаты пайда болот. Ве тобундагы металлдардын оксиддери 1000°Сде, оор металл оксиддери 1300–1370°Сде К. к-н ажыратат. К. к. электр мешто 2000–2200°Сде кварц кумун, кокска аралаштырып, жогорку темп-рада ысытуудан алынат: $SiO_2+2C=Si+2CO$; $Si+C=SiC$. Ө. ж-да өтө чыдамдуу буюмдар ж-а жарым өткөргүч катарында, о. эле электр мештердин ысытуучу ж-а курулуш материалдары катары колдонулат.

КРЕ́МНИЙ КИСЛОТАЛАРЫ – кремний ангидридинен алынган заттар. Өтө начар, сууда аз эриген к-талар. Таза түрүндө метакремний $H_2S_2O_3$ же кремний к-тасы ж-а орто кремний H_4SiO_4 ж-а экиметакремний $H_2Si_2O_5$ к-талары алынган. К. к-нын өтө каныккан эритмелеринде коллоиддик бөлүкчөлөр пайда болот. Коллоиддик эритмелердин туруктуулугу чөйрөнүн pH-ына, SiO_2 концент-на, темп-рага көз каранды болот. К. к-нын эритмелеринин pHы 2-2,5 болсо, коллоиддик бөлүкчө туруктуу болуп, pH 5-6дан көбүрөөк болсо, коллоиддик бөлүкчөлөр ассоциацияланып, гелдер пайда болот. К. к-нын туздары силикаттар деп аталат. Аларды алуу үчүн натрий же калий силикаттарынын эритмесине туз HCl же күкүрт H_2SO_4 к-тасы кошулат. К. к-нын коллоиддик эритмелери кагаз, текстиль ө. ж-нда, суу, минералдык майларды тазалоо ж-а бириктирүүчү заттар катары; ал эми силикагелдер болсо, бууну ж-а газдарды сиңирип алуучу адсорбент ж-а агарткыч зат катары колдонулат.

КРЕ́МНИЙ КОШ ОКСИДИ, к р е м н е з ё м, к р е м н и й а н г и д р и д и, SiO_2 – кремнийдин кычкылтек м-н бирикмеси. Б. эрүү t 11728°C, кайноо t 12590°C. Жаратылышта кварц, тридимит, кристобалит, китит, коусит минералдары түрүндө кездешет. Анын кристаллдык модификациясынын түрлөрү көп, кварц минералы ж. б. түрүндө жер кыртышынын массасынын 12%ин түзөт. Сууда, к-таларда (плавик к-тасынан башка), орг. эриткичтерде эрибейт. Щелочтордо жакшы эрийт. Фтор, фтордуу суутек м-н реакцияга кирет. Суу буусунун атм-сында кремний хлоридинин ($SiCl_4$) буусун курамдык бөлүккө ажыратуудан (1100–1400°C) аморфтуу кремнезём пайда болот. Ал радиотехникада, силикат ө. ж-да, айнек, фарфор, фаянс, карапа, силикат кыштарын, цемент ж. б. алууда колдонулат.

КРЕМНИЙЛҮҮ ТЕКТЕР, с и л и ц и т т е р – курамы кремнезём минералдарынан турган чөкмө тектердин тобу. Көбүнчө 50%тен ашык же бүт бойдон опал, халцедон, кварц минералдарынан турат. Ушуга жараша опалдуу, халцедондуу, кварцтуу же аралаш түрлөргө бөлүнөт. Түзүлүшү микрокристаллдуу, өтө майда бүртүктүү. Жаратылышта катмарларды же желвак түрүндөгү түзүлүштү пайда кылат. Пайда болушу б-ча хемогендүү (жеспилит, кремнийлүү туф), органогендүү (диатомит, радиолярит, спонголит) түрлөрдөн турат. Криптогендүү (опока, трепел ж. б.) түрлөрү да кездешет. Көпчүлүгүнүн пайда болушунда (яшма, гейзерит) жанартоо чөкмөлөрү негизги ролду ойнойт. Халцедондуу, кварцтуу түрлөрү опалдуу тектердин кристаллдануусунан келип чыгат. Бор мезгилинен кийин пайда болгондору опалдан, юра м-н триастагылар халцедондон ж-а кварцтан, палеозойго чейинкилери кварцтан турат. К. т. кендердин катарына кирет. Опалдуу тектер, кристобиолиттер (диатомит, трепел, опока) портландцементке гидравликалык кошунду катары, термоизоляцияда, курулуш иштеринде, нефть, тамак-аш, химия ө. ж-нда кеңири колдонулат. Кварцтуу, халцедондуу түрлөрү курулуш ишинде, отко чыдамдуу ж. б. кооз материалдарды даярдоодо пайдаланылат.

КРЕПОСТНО́Й УКУК – феод. мамлекеттин феодализм тушундагы дыйкандардын көз карандылыгын толук ж-а аёосуз бекемдөөчү укук нормаларынын жыйындысы. Ал дыйкандарды бөлүп берилген жерлеринен кетишине тыюу салып, аларды тиешелүү феодалдардын бийлигине укум-тукумуна чейин баш ийдирген. К. у. мамлекетти борборлоштуруп башкаруу шартында феодалдын а. ч. азык-түлүктөрүн сатуу үчүн өндүрүүгө багытталган чарбасы м-н барщинаны кеңейтүүнүн негизинде келип чыккан. Дыйкан-барщинникти жерге бекитүү, анын качып кетишине жол бербөө максатын көздөгөн. К. у. Батыш Европада 16–18-к-да, Борб. ж-а Чыгыш Европада 18–19-к-да реформалардын натыйжасында жоюлган. Россияда К. у. 11-к-да пайда болгон. Дыйкандар жер ээлерине мөөнөтсүз бекитилип, качкандарын 5–10 жыл ичинде таап, кожоюндарына кайтаруу ж-дө мыйзам колдонулган. Алар мүлк күтүү укугунан ажыратылып, базарда мал катары сатылган. Жер ээлерине баш ийбеген дыйкандарды уруп-сабоого жол берилип, Сибирге сүргүнгө айдоо, түрмөгө камоо тууралуу мыйзам чыгарылган. Помещиктер өздөрүнүн дыйкандарын [illegible]үстүнөн адм. ж-а сот бийлигинен тышкары [illegible]екет салган салыкты чогултушкан. Помещик м-н дыйкандардын өз ара мамилеси мыйзам [illegible]кылуу чектелбегендиктен, көпчүлүк учурда дыйкандар помещиктердин зордук-зомбулуг[illegible] дуушар болуп, акырында К. у. кулчулуктун [illegible]р түрүнө айлана баштаган. Капиталисттик мамилелердин өнүгүшүнө байланыштуу Россиядагы феод.-крепостнойлук системанын кризиси күчөй берген. 18-к-да К. у. өлкөнүн өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшүнө бөгөт болуп, маданий ж-а социалдык прогресске тоскоолдук кылган. Ошондуктан крепостной дыйкандарды сатууга ж. б. тыюу салынган мыйзамдар чыгарылган. Дыйкандар кыймылынын күчөшүнөн улам, 1861-ж. 19-февралда орус падышасы Александр II дыйкандарды эркиндикке чыгаруу б-ча манифестке кол койгон. Бирок, К. у-тун калдыктары ондогон жылдарды кучагына камтыган. К. у-тун жоюлушу м-н Россия капиталисттик өнүгүүнүн жолуна түшкөн, к. *Колонат*.

К. Алымкулов.

КРЕСТ АШУУСУ, Г д а у р и а ш у у с у Чоң Кавказдын Башкы же Суу бөлгүч кырка тоосунда. Терек д-нын өрөөнүн Арагви д-нын өрөөнү м-н байланыштырат. Бийикт. 2379 *м* (Аскер-Грузин жолунун эң бийик жери). Аты ашуунун кырына коюлган таш кресттен улам 1824-ж. аталган.

КРЕСТТҮҮЛӨР ЖОРТУУЛДАРЫ – 1096–1270-ж. христиандардын ыйык жерлерин мусулман бийлигинен бошотуу урааны м-н батыш европ. феодалдардын ж-а католик чиркөөсүнүн Чыгышка (Сирия, Палестина, Түн. Африка) карай баскынчыл согуштары. К. ж-на катышкандар кийимдерине крест белгисин тагынышкан (жортуулдун аты ушундан улам аталган). К. ж-нын чыгышына Кичи Азиядагы Византиянын (к. *Византия империясы, Селжуктар*) ээликтерин ж-а христиандардын «ыйык шаары» Иерусалимди түрк-селжуктардын басып алышы (11-к.) шылтоо болгон. Византия императору түрк-селжуктарга каршы батыштан (Рим) согуштук жардам сурап кайрылган. Экономикасы жакшы өнүккөн Ж. Чыгышты басып алуу батыштын бийлөөчү чөйрөсүнүн негизги максаты болгондуктан, *папачылык* андан пайдаланып, К. ж-н б[illegible]тоого демилге көтөргөн. Биринчи крест жортуулунун (1096–99) натыйжасында К. Азияга кресттүүлөрдүн алгачкы мамлекети – Эдес графтыгы түзүлгөн (1098). Кресттүүлөр Иерусалимди каратып (1099), Иерусалим королдугун негиздеген. 1144-ж. мусулмандардын Эдес графтыгын басып алышы м-н экинчи крест жортуулу (1147–49) башталган. Эдес графтыгын мусулмандардан бошотуу үчүн жортуулду ыйык Бернар Клервоский уюштуруп, Франция ж-а Германия королдору Людовик VII м-н Конрад III жетектеген. Кресттүүлөр К. Азияга жеткенде селжуктардан талкаланып, чегинүүгө аргасыз болгон. 1187-ж. египеттик султан *Салах-ад-Диндин* Иерусалимди басып алышы үчүнчү крест жортуулунун (1189–92) башталышына шылтоо болгон. Иерусалимди бошотуу үчүн монархтар – Германия императору Фридрих I Барбаросса, Англия королу Ричард I Арстан Жүрөк ж-а Франция королу Филипп II Август башында турган кресттүүлөрдүн аскери 1191-ж. Акра чебин басып алып, Салах-ад-Дин м-н тынчтык келишим түзүшкөн. Бирок, Салах-ад-Дин келишимдин шарттарын аткарбагандыгы үчүн Ричард I Арстан Жүрөк 2000 мусулман туткунунун башын алып салууга буйрук берген. Натыйжада христиан зыяратчылары үчүн Иерусалимге эркин кирүүгө шарт түзүлгөн. Рим папасы Иннокентий III Египет мусулмандарына каршы уюштурган төртүнчү крест жортуулунда (1202–04) Константинополь ш. алынып, *Латын империясы* түзүлгөн. Австрия герцогу Леопольд VI ж-а венгр королу Андраш II Египет м-н Сирияны басып алуу максатында бешинчи кресттүүлөр жортуулун (1217–21) уюштурган, бирок жортуул ийгиликсиз аяктаган. Алтынчы кресттүүлөр жортуулу (1228–29) Иерусалимди ээлөөгө багытталган. Натыйжада Иерусалим, Вифлеем ж-а Назаретти кайтарып берүү ж-дө Ыйык Рим императору Фридрих II Египет султаны м-н келишим түзгөн. Франция королу Людовик IX башында турган Египетти басып алуу үчүн жетинчи (1248–54) ж-а Тунис султанын христиан динине өткөрүүгө багытталган сегизинчи К. ж. (1270) королдун туткундалышы ж-а өлүмү м-н аяктаган. 1291-ж. Акра чеби мусулмандардын колуна өтүшү м-н кресттүүлөр К. Азиядагы басып алган жерлеринен биротоло ажыраган. 200 жылга созулган К. ж. Чыгыш элдерине бир топ зыян келтирип, христиан ж-а ислам дининин пикир келишпестиктерине алып келген, бирок Батыш Европа өлкөлөрүнө чыгыштын тех., чарбалык ж-а маданий жетишкендиктеринин жайылышын шарттаган.

Кресттүүлөрдүн ыйык жерге жортуулу (миниатюра, 1200). Гаага, Король китепканасы.



Ад.: *Заборов М. А.* Крестоносцы на Востоке. История крестовых походов / Под. ред. Дж. Райли-Смита. М., 1998; *Успенский Ф. И.* История крестовых походов. М., 2005.

КРЕТИНИ́ЗМ (фр. cretinisme, cretin – келесоо, кем акыл) – калкан сымал бездин функциясынын бузулушу, психика ж-а өсүүнүн токтолушу м-н мүнөздөлгөн оору. Көбүнчө тоолуу жерде көп кездешет. К. сууда, тамак-ашта йоддун табигый аздыгынан (экзогендик) ж-а анын эндогендик жетишсиздигинен келип чыгат. Аны м-н ооруган адамдын колу, буту, манжалары кыска, буттары ийри, алаканы жазы, башы тоголок, мандайы жапыз, бети шишимик, мурду кайкы, кулагы узун, тили жазы, тиши майда, териси куба, кургак, калкан сымал бези чоңойгон, дене темпрасы төмөн болот. Зат алмашуусу бузулуп, начар угат, жыныс мүчөлөрү жетилбейт, Дарылоодо калкан сымал бездин гормону колдонулат. Алдын алуу үчүн суу, тамак-ашка йод кошуу зарыл.

КРИВО́Й РОГ – Украинанын борб. бөлүгүндөгү шаар (1919-жылдан). Ингулец д-нын жогору жагында жайгашкан. Днепропетровский облнда. Калкы 675,3 мин (2009). Т. ж. тоому. Аэропорту бар. Кривой Рог темирлүү кенташ бассейнинин борбору. Тоо-байытуу (Түш., Жаңы Кривой Рог, Борб., Түн., Ингулец) металлургия комбинаттары, кокс-хим. з-ду, машина куруу (тоокен жабдуулары), жеңил, тамак-аш, курулуш материалдар ө. ж. ишканалары иштейт. Ун-ттер, ин-ттар, китепканалар, театр, тарыхый-край таануу музейи, цирк бар. 1775-ж. негизделген. Ботан. бак уюштурулган.

КРИВО́Й РОГ ТЕМИРЛҮҮ КЕНТАШ БАССЕЙНИ – Украинадагы ири темир кени орун алган аймак. Днепр д-нын алабында. Уз. 100 *км*, туурасы 2–7 *км*, түндүктөн түштүккө созулуп жаткан тилке. Аянты 300 *км*². 1881-жылдан казып алынат. Бассейндин аймагын кембрийге чейин пайда болгон чөкмө-метаморфизм тектердин калың катмары ээлеп жатат. Темир кенташы катмарлардын ортосундагы калыңдыгы 2 *км*ге жеткен темирлүү кенташ геол. формациядан орун алган. Мында темирлүү кварцит м-н сланецтерден турган 7–8 катмар кездешет. Катмарлар тектон. процесстердин таасиринен көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болуп, түзүлүшү татаалданган. Темирлүү кварцит гематит м-н магнетиттен же алардын аралашмасынан турат. Темир орт. 30–45%ти түзөт. Ушуга жараша кенташ өз ичинен б а й (гематит-магнетиттүү) ж-а ж а р д ы (темир-кварцит-магнетиттүү) түрлөргө

болүнот. Бассейнде темирге ото бай (темир орт. 57,6%) кенташтын чалгындалган запасы 1,7 млрд *т*га жетет (1972-ж. 1-январга карата). Магнетиттүү кварцит – 11,6 млрд *т* болот. Темир кенташы 900 *м* терендиктен казып алынат.

Ад.: Геологическое строение и железные руды Криворожского бассейна/Под ред. Я. Н. Белевцева. М., 1957.

КРИВОРУЧКО́ Виталий Павлович (1937-ж. т., Өзбекстан, Фергана ш.) – биология илимд. доктору (1998), КР УИАнын корр. мүчөсү (2000). КРдин илимге эмг. син. ишмери (2000). КМУну бүтүргөн (1965). «Кыргызгипрозем» долбоорлоо институтунда техник-геоботаник, 1966–84-ж. КР УИАнын Ботаника багында лаборант, кенже, улук ил. кызматкер, лабор. башчысы, 1984-жылдан директордун орун басары, 1994–2001-ж. директору болуп иштеген. 2002-жылдан РФде жашайт. Ботаника, өсүмдүк физиологиясы, момо өсүмдүктөрүнүн интродукциясы ж-а селекциясы б-ча адис. 70тен ашык ил. эмгеги, а. и. 1 монографиясы бар.



Эмг.: Морфо-физиологические особенности с объемной и плоской кроной в Чуйской долине. Ф., 1975; Рекомендация по интенсификации садоводства Киргизской ССР (в соавторстве). Ф., 1979.

КРИВОЩЁКОВ Алексей Александрович [19. 3. 1907, Новониколаевск ш. (азыркы Новосибирск) – 19. 2. 1945, Венгрия, Будапешт] – Сов. Союз. Баатыры (1943). Калуга курулуш техникумун (1929), Новосибирск курулуш ин-тун (1932) бүткөн. Согушка чейин Кемин р-ундагы Ак-Туз кенинде иштеп, 1942-ж. августта Сов. Армияга чакырылган. Улуу Ата Мекендик согушта Талаа фронтунун Красноград механикалаштырылган корпусунун 19-мех. бригадасынын инж. мина ротасында взвод командири. Белгород, Харьков, Полтава ш-н душмандан бошотушкан. Кременчуг ш. аркылуу Днепрдон өтүүдө бетончо эрдик көрсөткөн. К-дун взводу 2315 минаны зыянсыздандырган. Будапештте курман болгон. Ленин, Кызыл Туу, 2 жолу Кызыл Жылдыз ордендери м-н сыйланган. К-дун эсеми озу кымат отогон болуктун тизмесине түбөлүккө жазылган.



КРИЗ (фр. krise – капыстан кармоо) – оорунун капыстан катуу кармашы. Ал *гипертония оорусу, климакс* мезгилинде, аба ырайы кескин өзгөргөндө, диета бузулганда, мээнин кээ бир ооруларында, гипертониялык К. оорулуунун кан басымы ото жогорулаганда болот. Анда баш катуу ооруп, айланат, уйку качат, оорулуу тердейт, жүрөгү тез кагып, ооруйт, кусат, алы кетет, көзү карангылайт, кулагы убактылуу укпай калат, аба жетишпей демигет, кан басымы абдан томондоп, оңу бозорот. Мээде кан айлануу убактылуу бузулганда да К. болушу мүмкүн. Анда баш ооруп, айланат, кусат, кол же бут чымырайт, сүйлөө начарлайт. Вегетатив К-инде артерия кан басымы туруктуу болбой өзгөрүлүп турат. Жүрөк ооруп, дем кыстыгат, калчылдап тердейт. Кээде ич өсүп, конкондой сезилет, кекирет, көңүл айланып, кусат. Аның белгилери байкалар замат врач чакыруу зарыл.

КРИ́ЗИС (грек. krisis – чечим, бурулуш пункт, натыйжа) – бурулуш учур, оор өткөөл мезгил, адам ишмердигинин чөйрөсүндөгү кандайдыр бир карама-каршылыктын курчушу, опурталдуу туруксуз абал. К. экон., социалдык, финансылык, акча-кредит, биржалык, агрардык, саясий, бул же тигил экон., социалдык-саясий системанын (колониялык, капиталисттик, социалисттик), дүйнөлүк валюта системасынын ж. б. болуп болүнөт.

КРИЗИСТИК АБАЛ, критикалык абал – эки фазалуу системанын ортосундагы айырма жоголуп, бирдей касиетке ээ болгон чектик тең салмактуу абал. К. а-дагы заттардын параметрлери төмөнкүлөр: *кризистик басым* ($p_{кр}$), кризис темп-ра ($T_{кр.}$), *кризистик көлөм* ($V_{кр.}$) ж. б. Эгер газ абалындагы зат кризистен жогору температурада болсо, анда ал каалаган чоң басымда суюктукка айланбайт. К. а-га жакындаган сайын жаңаша фазадагы заттардын тыгыздыгындагы, курамындагы, касиетиндеги айырмачылыктар ж-а фазалык өтүү жылуулугу, фаза аралык беттик тартылуу азаят да, кризис чекити ноло барабар болуп калат. Аралашмадагы тыгыздыктын ж-а концент-нын термелүүсү (флуктуациясы) кыйла осот. Заттын структурасындагы ж-а касиетиндеги бул өзгөчөлүктөр К. а-да байкалуучу кризистик кубулуштарга алып келет.

КРИЗИСТИК БАСЫМ, критикалык басым – заттын же зат аралашмасынын *кризистик абалдагы* басымы. Таза заттар К. б-дан төмөнкү басымда тең салмактуу суюк ж-а буу фазаларына бөлүнөт. К. б-да бул эки фазанын ортосундагы айырма жоюлуп, зат өзгөчө бир текүү абалга өтөт. Бул К. б. тең салмактагы суюктуктун ж-а буунун чектик басымы, б. а. К. б. заттын физ. мүнөздөмөсү болуп саналат. Аралашмаларда К. б. анын курамына көз каранды. Таза зат үчүн К. б. бир гана маанини (чекитке) ээ. Ал эми аралашмаларда К. б. чекиттер системасын түзөт, б. а. аралашма үчүн К. б. сызык м-н мүнөздөлөт. Бул сызыктын ар бир чекити К. б-га, кризистик темп-рага, көлөмгө ж-а кризистик курамга ээ болот.

КРИЗИСТИК КӨЛӨМ, критикалык көлөм – заттын же зат аралашмасынын *кризистик абал* кезиндеги салыштырмалуу көлөмү. Суюктук ж-а газ түрүндөгү фазалардын салыштырмалуу көлөмү кризистик абалда оз ара бирдей. Бул салыштырмалуу К. к-го ээ болгон суюктуктун тыгыздыгы катуу абалындагы тыгыздыгына караганда үч эсе аз маанисине барбар.

КРИЗИСТИК ТЕМПЕРАТУ́РА, критикалык температура – 1) заттын кризистик абалдагы темп-расы. К. т. суюк заттын озүнүн буусу м-н тең салмакта болуп, алардын физ. касиеттеринен айырма жоголгон учурда аныкталат. К. т-да суюк ж-а каныккан буунун тыгыздыктары бирдей болуп, алар бири биринен айырмаланбайт, ал суюктуктун буга айлануу жылуулугу нолго барабар болот. К. т. – затты мүнөздөөчү туруктуу чондуктардын бири; 2) эригичтиги чектелүү компоненттерден турган суюк аралашмаларда чектелбеген эригичтик башталган темп-ра; 3) айрым өткөргүчтөрдүн ото өткөргүчтүк абалга өтүү темп-расы (к. *Ото өткөргүчтүк*).

КРИК Фрэнсис Харри Комптон (8. 6. 1916, Нортгемптон – 28. 7. 2004, АКШ, Калифорния штаты, Сан-Диего) – англ. биофизик ж-а генетик, мол. биологияны негиздөөчүлөрдүн бири, Лондон король коомунун мүчөсү (1959). Лондон университин коллежин аяктаган (1937). 1947–77-ж. Кембриж ун-тинин түрдүү лабор-ларында (1962-жылдан мол. биология лабор-сынын башчысы), 1953–54-ж. Бруклин политех. ин-тунда (Нью-Йорк) иштеген. 1977-жылдан Солк биол. изилдөөлөр ин-тунда (АКШ, Калифорния) проф.-изилдөөчү, Калифорния ун-тинин проф. Негизги эмгектери нуклеин к-тасынын мол. түзүлүшүн изилдөөгө ж-а тирүү клеткадагы ген. маалыматтардын берилүү жолдорун чечүүгө арналган. Ж. Д. *Уотсон* м-н бирдикте ДНКнын түзүлүшүн, аның эселенүү (репликация) схемасын аныктап, клетканын болүнүүсүндө тукум куума белгилердин тукумга берилүү механизмин алгач түшүндүргөн (1953). Ген. коддун келип чыгышын (1970-ж., Л. Оргел м-н бирдикте) сунуштаган. 1980-жылдан нейробиология маселелеринин үстүндө иштеп, ан-сезим, көрүү ж-а түш көрүү механизмдерин изилдеген. К. Нобель сыйлыгынын лауреаты (1962, Ж. Уотсон, М. *Уилкинс* м-н бирге).

Эмг.: Безумный поиск: личный вклад на научное открытие. М., Ижевск, 2004.

КРИК — 1) мезгил-мезгили м-н соолуп калуучу дарыя же суу агымы. Кургакчыл мезгилде чыныды колмолорго айланып кетет. Термин көбүнчө Австралияда, эпчилүү аттарда пайдаланылат; мис., Куперс-Крик. 2) АКШда деңизге түзөң жээктен куйган чакан дарыялардын эстуарийи да К. деп аталат.

КРИКО́ТИН Степан Павлович (1910, Оренбург обл., Ново-Покровка р-ну, Ново-Михайловский кыш. – 1985, Фрунзе) – Соц. Эмг. Баатыры (1963). Эмгек жолун 1937-ж. Кыргыз ССР Геол. башкармасынын геол.-чалгындоо партияларында бургулоочу мастер, бургулоо участкасынын прорабы болуп иштеген. Түстүү металл кендерин чалгындоодо ж-а өндүрүштүк тапшырмаларды жогорку технология-экон. көрсөткүчтөр м-н орундатууда зор ийгиликтерге жетишкен. Көп жылдык ишинде жүздөгөн жумушчуну бургулоо адистигине үйрөткөн. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



КРИКУ́Н Василий Гаврилович (24. 12. 1918, азыркы Жалал-Абад обл., Сузак р-ну, Октябрь кыш. – 10. 3. 2007, Новосибирск) – Сов. Союз. Баатыры (1943), улук лейтенант. Согушка чейин «Заря» колхозунда иштеген. 1942-жылдан Сов. Армияда. Улуу Ата Мекендик согушта Түш. фронтто салгылашып, Дон ж-а Крым жерлерин душмандан бошотушкан. К. Украинанын Мелитополь ш. үчүн болгон кармашта (1943-ж. 17–25-октябрь) бетончо эрдик көрсөткөн. Ал атчандардын экинчи ротасынын жарадар болгон командиринин ордуна аскерлерди оз орногу м-н шыктандырып, гитлерчилердин бекемделген коргонуусун штурм м-н алган. Согуштан кайтып келген соң, Таш-Көмүр ш-нда, кийин Новосибирск ш-ндагы «Сибсельмаш» з-дында эмгектенген. Ленин, 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери м-н сыйланган.



КРИМИНАЛИ́СТИКА (лат. criminalis – кылмышка тиешелүү) – сот далилдерин чогултуу, изилдөө ж-а баалоо б-ча атайын ыкмалар, методдор, каражаттар системасын иштеп чыгуучу илим. Бул ыкмалар, методдор уголовный сот иштерин жүргүзүүдө, кылмыштын бетин ачууда ж-а тергоодо, уголовный, кээде жарандык иштерди кароодо колдонулат. К. кылмыш процессинин чегинде пайда болуп, 19-к-дын аягында оз алдынча илимге айланган. К. илимине А. Бертильон, Е. Ф. Буринский (Россия), Р. А. Рейс (Швейцария), У. Гершель, Г. Фолде, Ф. Гальтон, Э. Генри (бардыгы – Улуу Британия), Ч. Ломброзо, Э. Локар (Франция) ж. б. салымдарын кошкон. Алардын эмгектеринде таанып, 1898-ж. Г. Гросс илимге «К.» терминин киргизген. К-ның маанилүү болуктөрү: К-ның жалпы теориясы, К. техникасы, К. тактикасы ж-а тергөө методикасы. К. техникасы далилдерди жыйноо, аныктоо, изилдөө б-ча атайын ыкмалар м-н ил.-тех. каражаттар системасын

камтыйт. К-нын бул бөлүгүнө сот баллистикасы, сүрөт ж-а видео жазма, габитоскопия, фоноскопия, трасология, кол жазма изилдөө документтери, дактилоскопия, К-лык одорология ж. б. кирет. К-лык техника өзүнүн өнүгүүсүндө табигый ж-а тех. илимдердин жетишкендиктерин, матем. ж-а статистикалык методдорду, эсептөөчү аппаратураларды, газ хроматография методун, үн жазууну, кинофототехника ж-а спектроскопия ж. б-ды кеңири пайдаланат. Ушунун негизинде кол жазманы аныктоо, портретти идентификациялоо методикасы калыптанып, трасологияда мүмкүн болгон бардык көчүрмөлөрдү алуу ж. б. ишке ашырылат. К. техникасы издөө ж-а тергөө иштери б-ча тех. жабдуулар м-н камсыз кылууну талап кылат. К-лык техника каражаттарына тергөө кызматкерлери, судьялар, эксперттер пайдалануучу аппаратуралар, жабдуулар, материалдар, тергөө чемоданы, атайын констр-дагы фотоаппарат, салыштыргыч микроскоп, электрон-оптикалык өзгөртүп түзүүчү аппарат, спектрограф, рентген аппараты ж. б. кирет. К. иш б-ча конкреттүү жагдайды эске алуу м-н ар бир тергөө ж-а сот иштеринин, оперативдик издөө чараларынын мүмкүнчүлүгүн өтө натыйжалуу пайдалануура мүмкүндүк берүүчү ыкмалардын системасын – К. тактикасын иштеп чыгат. К. тактикасынын ыкмалары тергөө иштерин жүргүзүүдө, тергөө экспериментинде, сурак жүргүзүүдө ж. б. учурларда кеңири колдонулат. Кылмыштын түрлөрүн (киши өлтүрүү, уурдоо, карактоо, тоноо, өрттөө ж. б.) изилдөөдө колдонулуучу ыкма, метод ж-а каражаттардын жыйындысы К-нын өзгөчө бөлүмүн – конкреттүү кылмыш түрлөрүн изилдөө методикасын (жекече методиканы) түзөт. Бул методикага ылайык тергөө иштерин жүргүзүүнүн, оперативдик-издөө чараларын колдонуунун ырааттуулугу ж-а өзгөчөлүгү аныкталып, тергөөдө колдонуу үчүн К. техникасы м-н тактикасынын ыкмалары ж-а каражаттары тандалат. К. кылмышты болтурбоо чараларын да алдын ала иштеп чыгат.

КРИМИНОЛО́ГИЯ [лат. krimen (criminis) – кылмыш ж-а *...логия*] – кылмыштуулуктун пайда болушун, өнүгүү мыйзам ченемин, кылмыштуулукка байланышкан процесстер ж-а алардын түрлөрүн, коомдук көрүнүштөрүн изилдөөчү илим. К. кылмыштуулукка тиешелүү болгон жалпы ил. методдор (логикалык ой жүгүртүү, анализ, синтез, индукция, дедукция, моделдештирүү, аналогия ж. б.) м-н бирге анкета жүргүзүү, интервью алуу, документтер м-н таанышуу, аны изилдөө, байкоо жүргүзүү ж. б. ыкмаларды колдонот.

Ад.: *Долгова А. И.* Криминология. М., 2008, Криминология /Под ред. В. Ж. Кудрявцева, В. Е. Эминова. 4-е изд. М., 2009.

КРИО... (гр. krýos – өтө суук, муздак, аяз) – татаал сөздөрдүн биринчи бөлүгү, өтө төмөн температурадагы суукту туюндурат (мис., *криосфера, криоскопия* ж. б.).

КРИОГЕ́Н МАШИНАСЫ – криоген темп-расын, б. а. 120 Кден төмөнкү темп-раны алуу ж-а пайдалануу техникасы. К. м. негизинен газды суюктукка айландырат (азот, кычкылтек, гелий ж. б.), ошол абалда сактайт ж-а керектүү жерге ташыйт; газ аралашмасын ж-а изотопторду төмөнкү темп-рада бөлөт (мис., абадан таза азот, кычкылтек ж-а аргонду ал[illegible]); 120 Кден төмөнкү темп-раны кармап туруу[illegible] криорефрижераторлордо (муздаткыч маши[illegible]р) пайдаланылат; жогорку өткөрүмдүү ж-[illegible]ектр-тех. түзүлмөлөрдү (магнит, соленоид, [illegible]сформатор, электр машиналарын ж-а кабел[illegible]ЭМ түйүндөрүн, гироскоп ж. б.), электр п[illegible]орлорун (кванттык күчөткүч ж-а генератор, [illegible]фра- кызыл нурларды кабылдоочтор ж. б.), биол. объектилерди криогендик темп-рада кармайт, жөнгө салат; криогендик темп-рада ил. изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн жабдык ж-а аппаратураларды иштеп чыгууда колдонулат.

КРИОЛИТОЗО́НА (*крио...*, гр. lithos – таш ж-а *зона*), л и т о к р и о с ф е р а — криосферанын жер кыртышындагы үстүнкү бөлүгү. Мында нөлдөн төмөнкү темп-ра басымдуу болгондуктан, жер астындагы муздардын пайда болушуна шарт түзүлөт. К-нын төмөнкү чегин 0°С темпранын изотермасы түзөт. Анын терендиги мелүүн кеңдиктерде бир нече *м*ден, уюлга жакын аймактарда бир нече *км*ге чейин жетет. Терминди 1955-ж. орус тоң таануучусу П. Ф. Швецов киргизген (мурдараак сунушталган «түбөлүк тоң» термини м-н бирдей мааниде колдонулат).

КРИОЛО́ГИЯ (*крио...* ж-а *...логия*) – криосфера ж-дөгү илим, к. *Криосфера*.

КРИОСКОПИ́Я (*крио...* ж-а гр. skopéō – көрөм) – эритменин тоңуу темп-расынын төмөндөшүн таза эриткичтикине салыштырып өлчөөгө негизделген физ.-хим. изилдөө методу. 1982-ж. фр. окумуштуу Д. М. Рауль тарабынан сунушталган. Рауль закону б-ча эритменин тоңуу темп-расынын төмөндөшү, анын *молялдык* концент-сына түз пропорциялаш: $Dt_k=E_kn$. Мында, Dt_k – эритменин тоңуу темп-расынын төмөндөшү, n – эритменин концент, E_k – криоскопиялык туруктуулук коэфф-и.

КРИОСФЕ́РА (*крио...* ж-а *сфера*) – Жердин атм., гидросфера ж-а литосферанын өз ара аракеттенүү зонасындагы үзүк-үзүк кабыгы. К-да муз болот же анын пайда болушуна шарт түзүлөт. К-нын төмөнкү чеги тоң ж-а тоңгон тоо тектердин таманынан (калыңдыгы Антарктидада 4–5 *км*, уюлга жакын аймактарда 1,5–2 *км*ге чейин) ионосферанын төмөнкү чегине чейин (калыңдыгы 100 *км*) жетет. К-га көп сандагы криогендик тектер: муз булуттары, кар катмары, көлмөлөрдүн үстүнкү муз катмары, чоркайнар, тоо мөңгүлөрү ж-а мөңгү катмарлары таандык. Терминди

поляк окумуштуусу А. П. Добровольский (1923) сунуштаган.

КРИОТЕРАПИ́Я (*крио...* ж-а *терапия*) – муздатуу м-н дарылоо. Мында төмөнкү темп-ра м-н ткань, орган же бүт организм муздатылат. Дарылоо максатында илгертен ооруган жерге муз же сууланган чүлүрөк басышкан. Медицинада тоңдурбай мелүүн муздатуу сезгенген кезде ж-а ооруну басандатуу, кан токтотуу, шишикти таратуу максатын[illegible] колдонулат. К-нын таасиринен кан тамырл[illegible] тарып, кандын *келиши ж-а* муздаган жерде[illegible]т алмашуу төмөндөйт. Муздакты өт башт[illegible]асы, карын, уйку бези сезгенгенде, урунг[illegible]а, о. эле өпкөдөн, мурундан, ичеги-карындан[illegible]н кеткенде ал жерге басат же муздак суюктук[illegible]ткурат. Кыска мөөнөттүү операцияда хлорэти[illegible]н чачыратып, ткандарды тоңдуруп, алардын [illegible]згичтигин жоготот.

КРИОФИЛДЕР (*крио...* ж-а philéō – сүйүү) – туруктуу төмөнкү темп-рада жашоочу организмдер. Аларга көбүнчө Түн., Түш. уюл сууларындагы жаныбарлар, ийне терилүүлөр, моллюскалар, муздак дарыя ж-а өзөндө жашоочу балыктар (жилингир, айрым планариялар), о. эле уюлдагы кургакта жашоочу ж-а тоо жаныбарлары кирет. Айрым муздак сууда жашоочу балыктардын суу темп-расынын бир аз жогорулашынан жалпы активдүүлүгү ж-а азыктануусу төмөндөйт. Анткени, суунун темп-расынын жогорулашы м-н сууда эриген кычкылтек азаят. Ал эми кээ бир арктикалык балыктын канынын курамында биол. антифриздин болушу алардын тканындагы суюктукту тоңуп калуудан коргойт.

КРИОФИТТЕР (*крио...* ж-а гр. phyton – өсүмдүк) – суукка чыдамдуу өсүмдүктөр. Алар тундранын, альпы шалбааларынын, бийик тоодогу шагыл, таш, аска өсүмдүктөрүнүн негизин түзөт. К-ге бийик тоолуу Памирде, Теңир-Тоодо, Тибетте ж-а муздак чөлдөгү жаздык сымал өсүмдүктөр да кирет, к. *Жер жаздыктар*.

КРИПТОГРА́ФИЯ – (*крипто...* ж-а *...графия*) берилишти ж-а кабарды коргоо технологиясы, чыгармачылыгы ж-а илими. К. берилиштер үчүн жашыруундуулук, бүтүндү ж-а аныктуулукту текшерүүнү камсыз кылат. К-да ачык ачкычты колдонуу жолу кеңири белгилүү. Ал жолдо К. ыкмасы болуп эки башка ачкыч колдонулат: биринчиси берилишти шифрлөө үчүн ачык ачкыч ж-а экинчиси – чечмелөө үчүн жабык ачкыч. Ачык ачкычты колдонгон К. асимметриялуу К. деп аталат. Бул К. үчүн стандарттар тобу кабыл алынган. Стандарттар RSA Data Sekurity, Inc компаниясы тарабынан иштелип чыккан ж-а учурда ал өркүндөтүлүүдө.

КРИПТО́ЗОЙ ЭОНУ, к р и п т о з о й (*крипто...* ж-а zōē – тиричилик) – жер кыртышынын эң байыркы тоо тектери ж-а алар пайда болууга кеткен убакыт; кембрийге чейинки мезгил (3,3 млрд жыл). Бул тектерде жаныбарлар м-н өсүмдүктөрдүн калдыктары кездешпейт. Терминди биринчи жолу илимге амер. геолог Ж. Чедвик 1930-ж. киргизген.

КРИПТО́Н (лат. Kryptonum), Kr – элементтердин мезгилдик системасынын VIII тобунда орун алган хим. элемент. Асыл газдарга кирет, ат. н. 36, ат. м. 83,80. 1898-ж. англ. химиктер У. Рамзай м-н М.Траверс ачкан. К. түссүз, жытсыз газ. Атм-да $3\cdot10^{-4}$% болот (көлөм б-ча). К. 6 изотоптун аралашмасынан турат: окистенүү даражасы +2. К-дун молекуласы бир атомдон турат. Тыгызд. 3,745 *г/л*^{3}, эрүү t – 157,1°С, кайноо t –153,2°С. Суюк абалындагы тыгызд. 2,472 *г/см*^{3}, ал эми катуу абалында 3,100 *г/см*^{3}. Катуу К. кубдук кристаллдык торчону, суу ж-а орг. заттар м-н клатраттарды пайда кылат. К-дун фтор (KrF_2), фенол, хлороформ ж. б. м-н бирикмелери алынган. К. өндүрүштө абадан алынат. ^{85}Kr радиоактивдүү изотобун β-нурун алуучу булак катары медицинада, индикатор катары коррозияны изилдөөдө ж. б-да колдонулат. Андан сырткары К. электр вакуум техникасында, ысытылып жарык берүүчү лампаларды, түстүү жарнама түтүктөрүн (ак түс) толтурууда да колдонулат. К. болоттон жасалган баллондо 5–10 МПа басым астында сакталат.

КРИПТОРХИ́ЗМ (*крипто...* ж-а гр. órchis – жумуртка) – эркек баланын калтасында бир же эки жумурткасынын жоктугу. Курсактагы 8–9 айлык баланын жумурткасы ич көндөйүнөн калтага түшөт. Кээде ич көндөйүндө же чаткаякта кармалып же туура эмес түшүп, чаткаяк тери алдына, санга токтоп калат. Айрым учурда жумуртканын калтага өз алдынча түшүүсү кечендеп, 10–13 жашка чейин созулат. Эки жумуртканын жоктугу ж-а тубаса К. – эркектин тукумсуздугунун себептеринин бири. Дарылоо операция жолу м-н жүргүзүлөт.

КРИСТАЛЛДАР (гр. krýstallos – муз) – атомдору же молекулалары иреттүү, мезгилдүү кристалл торчону түзгөн, табигый формасы туура көп грандыкка ээ катуу заттар. Тең салмактуу шартта өстүрүлгөн К-дын атомдук түзүлүшү симметриялуу болгондуктан, анын тышкы формасы да симметриялуу, о. эле башка заттардан негизги айырмасы – *анизотропия* касиетине ээ. Кристалл торчонун формасы б-ча К-дын симметриясын ж-а сингония түрүн аныктоого болот. К. – катуу нерселердин тең салмактуу абалы. Белгилүү темп-рада ж-а басымда кристалл абалындагы ар бир затка белгилүү атомдук структура туура келет. К-дын структурасы сырткы





Турмалин табигый кристаллдары.

шарт өзгөргөндө өзгөрүшү мүмкүн. Көпчүлүк табигый ж-а тех. катуу материалдар *поликристалл* болуп эсептелет, алар баш аламан жайгашкан көптөгөн майда кристалл данчаларынан (кристаллиттерден) турат. Мис., тоотек, тех. металлдар, металл куймалары. Ал эми түзүлүшү тийиштүү формадагы кристалл торчосундагы айрым заттын К-ы *монокристалл* деп аталат. Техникада ж-а ил. иштерде колдонулуучу түрдүү К. з-ддордо ж-а лабор-да заттын суюк же колкүлдөк эритиндисинен өстүрүлүп алынат *(к. Кристаллдашуу)*. К. табиятта салмагы жүздөгөн *кг*дан (мис., кварц, флюорит) эң майда олчомдо (мис., алмаз) кезигет. К. табигый татаал зат – белоктон, атүгүл вирустан да өстүрүлүүдө. К. радиотехникада, жарым өткөргүчтүү квант электроникасында колдонулат.

КРИСТАЛЛДАШУУ – буу, эритме же аморфтук заттан кристаллдын пайда болуу процесси. К. минералдын, муздун пайда болушун аныктайт, атм. кубулуштарда, тирүү организмде (мис., тиш эмалынын пайда болушу) чоң мааниге ээ. Зат кандайдыр белгилүү бир чектик шартка жеткен учурда гана К. башталат, мис., заттын эрүү темп-расын азайтканда же бууну ото каныктырганда көз ирмем убакытта эле көптөгөн майда кристаллчалар, б. а. К-нун бөрбөрү пайда болот. Кристаллчалар суюктуктан же буудан улам жаңы атомдорду же молекулаларды өзүнө бириктирип чоңоёт. Кристаллдын грандары катмарланып өсөт, атомдук катмардын толук өсүп бүтпөгөн учу өсүү учурунда гранды бойлоп жылат. Өсүш ылдамдыгынын К-нун шарттарына көз карандылыгы оскон кристаллдын түзүлүшүнүн ж-а формасынын ар түрдүү (көп грандуу, пластикалуу, ийнелүү, дендрит, скелет ж. б.) болушуна алып келет. К-да ар кандай кемтиктер сөзсүз пайда болот.

КРИСТАЛЛДУУ СЛАНЕЦТЕР, *кристаллдуу бүлөө таштар* – минералдык курамы ар кандай, ото метаморфизмделген тоо тектер. Алар жер кыртышынын терең болүгүндөгү жогорку темп-ра м-н күчтүү басымдын натыйжасында мурда пайда болгон магма ж-а чөкмө тектердин өзгөрүшүнөн келип чыгат. Кристаллдык түзүлүшкө ээ. Курамындагы слюда бир тарапты бет алып жука катталышат. Эгерде магма тектеринен пайда болсо – ортосланец, чөкмө тектердин күчтүү өзгөрүшүнөн келип чыкса парасланец (метасланец) деп аталат. К. с. Кырг-ндын аймагында кеңири таралган тектерге кирет.

КРИСТАЛЛ ГИДРАТТАРЫ – курамында суунун молекуласы бар кристалл. Кээ бир туздар, к-талар ж-а негиздер суудан эритмелеринен К. г. түрүндө чөгөт. Жаратылышта көпчүлүк минералдар – К. г. (мис., гипс $CaSO_4 \cdot 2H_2O$, карналлит $MgCl_2 \cdot KCl \cdot 6H_2O$ ж.б.). К. г-ды ысытуу м-н андагы кристаллдашкан суунун болүгүнө болот. Кээ бир бирикмелер К. г. түрүндө гана туруктуу (мис., $BeC_2O_4 \cdot H_2O$), суусун болсо ажырап кетет.

КРИСТАЛЛОГРАФИЯ (*кристалл* ж-а *...графия*) – кристаллдардын атом-мол. түзүлүшүн, симметриясын, физ. касиеттерин, пайда болушун, өсүшүн окутуучу илим. К. туура көп грандуулук формасына ээ табигый кристаллдарды байкоодо ж-а изилдөөдө пайда болгон. Минералогия м-н тыгыз байланышта. Өзүнчө илим катары 18-к-дын ортосунан баштап өнүгүүдө. Кристаллдардын сырткы формасынын (А. В. Гадолин, 1867) ж-а алардын ички түзүлүшүнүн (Е. С. Фёдоров, 1890, А. Шенфлис, 1891) теориясынан кристаллдардын симметрия теориясы келип чыккан. Кристаллдарды сүрөттөп жазуу ыкмаларынын жыйындысы ж-а аларды грандоонун закон ченемдүүлүктөрү геом. К-нын мазмунун түзөт. Кристаллдардын атомдук түзүлүшүн (NaCl, алмаз, SnS ж. б.) рентгенографиялык жол м-н алууну англ. физиктер У. Г. Брэгг ж-а У. Л. Брэгг (1913) ишке ашырышып, түзүлүштүк К-ны негиздешкен. К. кристаллдардын түзүлүшүн рентген-түзүлүштүк талдоо, электронография, нейтронография ыкмалары м-н изилдейт. К-лык изилдоолордун натыйжалары физикада, минералогияда, химияда, мол. биологияда ж. б. кеңири колдонулат. К. илимининн өнүгүшүндө Л. Полинг, Н. В. Белов, В. Гольдшмидт, А. В. Шубников, Г. В. Вульф ж. б-дын эмгектери зор. Кырг-нда К-нын өнүгүшүнө проф. А. *Алыбаков* чоң салым кошкон.

Ад.: *Малюкова Н. Н.* Основы кристаллографии и минералогии. Б., 2007; *Егоров-Тисменко Ю. К.* Кристаллография. М., 1992.

КРИСТАЛЛ ОПТИКАСЫ – оптиканын ж-а кристалл физикасынын чектеш тармагы; ал жарыктын кристаллдагы таралуу законун изилдейт. К. о. кристаллдагы жарык нурунун кош сынышын, жарыктын уюлдануусун (полярлануусу), уюлдануу тегиздигинин айланышын, таралуу багытына жараша анын түсүнүн өзгөрүшүн (плеохроизм) ж. б. кубулуштарды үйрөтөт. Жарыктын кристаллда жутулуусун ж-а кристаллдын жарыкты нурдантуусун кристалл спектроскопиясы, электр ж-а магнит талаасынын кристаллдын оптикалык касиетине тийгизген таасирин, электр оптикасы ж-а магнит оптикасы изилдейт. Кристалл торчосунун параметри (≈10Å) көзгө көрүнгөн жарык нурунун толкун узундугунан (4000–7000Å) алда канча кичине болгондуктан, кристалл бир тектүү, бирок анизотроптук чөйрө катары каралат. Жарык кристаллда бардык тарапка бирдей ылдамдык м-н тараса, мында мындай чөйрө изотроптуу чөйрө деп аталат. Кристаллдын оптикалык анизотропия касиетү болүкчөлөрдүн өз ара аракет этүү күчтөрүнүн талаасынын анизотропиясына байланыштуу. Бул талаанын мүнөзү кристаллдын симметриясына көз каранды. Кубдук кристаллдан башка кристаллдар анизотропиялык касиетке ээ. Жаратылышта кезигүүчү турмалин кристаллын жарык нурунун жолуна тоскондо жарык нуру уюлданат. Жарык нуру бир октуу кристаллдан өткөндө уюлданып, өз ара тик эки нурга ажырайт. Кристаллдын башкы тегиздигине тик болгон нур кадимки нур, ал эми тегиздик б-ча термелген электр термелүүсү кадимки эмес нур деп аталат. Кандай гана шарт болбосун кадимки нур бардык багыт б-ча бирдей ылдамдыкта таралат да, сынуу көрсөткүчү туруктуу болот. Ал эми кадимки эмес нурларда, тескерисинче, сынуу көрсөткүчү (n) жарыктын таралуу багытына жараша өзгөрөт (n const). К. о-ның ыкмалары уюлдашкан жарыкты алууда ж-а талдоодо, оптикалык затворду, модуляторду ж. б. жасоодо колдонулат.



Ад.: *Шубников А. В.* Основы оптической кристаллографии. М., 1958; *Константинова А. Ф., Гречушников Б. Н., Бокуть Б. В., Валашков Е. Г.* Оптические свойства кристаллов. Минск, 1995.

КРИСТАЛЛ ТОРЧОСУ – атомдор, иондор ж-а молекулалар белгилүү ирээтте үч координаттык багыт (x, y, z) б-ча жайгашып, мезгилдүү түрдө кайталанып турган (түз же кыйгач бурчтуу параллелепипед түрүндө) кристалл мейкиндигиндеги болүкчө. Ушуга ылайык кристаллдар атомдук, иондук ж-а мол. болуп болүнөт. Атомдук кристаллдар туруктуу, эң катуу ж-а эрүү темпрасы жогору болот (алмаз, кремний, металл карбиддери ж. б.). Иондук кристаллдарга оксиддер, ар түрдүү туздар, щелочтор өндүү курамдары иондордон (катион, анион) турган заттар кирет. Металлдык кристаллдардын атомдору арасында жеңил кыймылга келе турган электрондор жайгашкандыктан, электр тогун жакшы өткөрүүчү заттар. Мол. кристаллдардын түйүндөрүн негизинен молекулалар ээлеп, алардын ортосунда *ван күчтөрү* (начар байланыш) аракеттенет.

КРИСТАЛЛ ФИЗИКАСЫ – физиканын кристалл абалындагы заттардын, анизотропиялуу чөйрөнүн физ. касиеттерин ж-а ал касиеттердин сырткы таасирлерден өзгөрүшүн изилдөөчү болүмү. Көптөгөн физ. кубулуштар кристалл заттарга гана тиешелүү. Алсак, жарык нурунун кристаллда ача (2 багытка) сынышы, түз ж-а тескери пъезоэффекттер, электр оптикалык эффекттер ж. б. К. ф-нда кристаллдардын физ. касиеттерин сандык жактан мүнөздөө үчүн матрицалык, тензорлук эсептөө ж-а группалар теориясы деген матем. аппараттар колдонулат. Кристаллдардын касиеттери багыттарга көз каранды (анизотропия), бирок симметриялары эквиваленттүү багыттар б-ча бирдей. Ошого карабастан кээ бир касиеттери (мис., тыгыздык) багытка көз каранды эмес ж-а скалярдык чондуктар м-н мүнөздөлөт. К. ф. катуу заттардын физикасын, кристалл химиясынын маселелерин изилдейт. К. ф-нда эң негизги орунду реалдуу кристаллдар физикасы ээлейт, б. а. кристаллдагы ар түрдүү дефектилердин (чекиттик дефектилер, вакансиялар, дислокациялар ж. б.) кристаллдардын физ. касиеттерине тийгизген таасирлерин үйрөтөт.

КРИСТАЛЛ ХИМИЯСЫ – кристалл абалындагы заттардын атомдорунун мейкиндикте жайгашуусу ж-а алардын өз ара хим. байланыш өзгөчөлүктөрүү жөнүндөгү илим. К. х-нын негизги милдети – кристаллдардын физ.-хим. касиеттерин изилдөө, курамдарын классификациялоо, алардын мезгилдик система м-н байланышын аныктоо. Бул багыттагы маалыматтар негизинен физ. ыкмалар аркылуу алынат. Аларга рентгеноструктуралык анализ, электронография, нейтронография ж. б. кирет. Кристаллдар ар түрдүү ж-а өтө көп. Бир эле зат шартка жараша (темп-ра, басым) курамында өз ара окшошпогон жок (мис., ар түрдүү сингонияларда), касиеттери б-ча таптакыр карама-каршы болушу мүмкүн. Мис., кристаллдык абалдагы көмүртектин бир түрү – алмаз дүйнөдөгү электр тогун өткөрбөй турган эң катуу зат болсо, анын экинчи кристаллдык түрү – графит – электр тогун жакшы өткөргөн жумшак заттардын бири. Бул өндүү кубулуш полиморфизм кубулушу катары белгилүү. Тескерисинче, көптөгөн заттар ар түрдүү хим. курамда болгонуна карабастан, окшош кухим. курамда кристалланышат. Бул кубулуш изоморфизм кубулушу деп аталат. Изоморфизм кубулушунун негизинде кристаллдар көптөгөн жаңы касиеттерге ээ болот. Мис., «катуу эритмелер». Алардын өзгөчөлүгү хим. курамдары ар башка болгонуна карабастан, ысытып эритүүдө аралашкан заттар бир гана фазадан турат. Мис., $ZnCO_3$ м-н $MgCO_3$ NCl м-н KCl ж. б. Катуу эритмелерге алып келген изоморфизм кубулушу металлдар-

дын, куймалардын арасында өтө көп таралган. Алар «чектүү» же «чексиз» болуп бөлүнөт. Чексиз катуу эритмелерге Co-Ni, Pd-Ag, Ag-Au, Ni-Cu ж. б. системаларын кароого болот. Катуу эритмелердин компоненттери бир нече элементтерден турушу мүмкүн.

Ад.: Бокий Г. Б. Кристаллохимия. 3-е изд. М., 1971; *Урусов В. С.* Теоретическая кристаллохимия. М., 1987–1988. Т. 1–3. *Ү. Асанов.*

КРИТ (Krete) – Жер Ортолук деңиздин чыгыш бөлүгүндөгү арал, Грекиянын курамында. Аянты 8,3 миң *км*². Калкы 5,5 миндей (2006). Түн. жээги булуң-буйткалуу, түштүгү тегиз, жардуу. Бир нече тоо массиви бар (эң бийик жери 2456 *м*, Ида чокусу), алар негизинен акиташ, сланец тоо тектеринен түзүлгөн; темир, күрөң көмүр кендери бар. Карст процесси өөрчүгөн. Жер ортолук деңиздик бадалдар (фригана), кырына жакын шалбаа өсөт. Жүзүм, зайтун дарагы өстүрүлөт. Дан эгиндери (буудай, жүгөрү), тамеки эгилет. Кой чарбасы өнүккөн. Балык кармалат; деңиз былпылдактар промысели бар. Самариас коругунда тоо флорасы ж-а фаунасы корголот.

К. байыркы эгей мад-тынын борборлорунун бири болгон. Б. з. ч. 67-ж. чейин Рим империясы каратып алган. 395–823-ж. ж-а 961–1204-ж. Византиянын курамында; 823–961-ж. арабдарга караган. 1204-ж. К-ти кресттүүлөр каратып, Византияга саткан. 1715-ж. Осмон империясына караган. К-тин калкы 1821–29-ж-дагы Грек рев-ясына, 1896–97-ж-да Осмон империясына каршы көтөрүлүшүнө катышкан. 1898-ж. Осмон империясы Европ. державалардын кысымы ж-а «калкалоосу» астында К-ке адм. автономия берген. 1913-жылдан Грекиянын курамында. Антикалык ж-а о. кылымдагы маданий эстеликтери (ыйык жайлар, чептер, чиркөөлөр) бар. Негизги порттору: Ираклион, Ханья.

КРИТ ЖАЗУУСУ, крит-микен жазуусу – коло доорунда Грекиядан ж-а Крит аралынан табылган (б. з. ч. 3–2-миң жылдыктар) жазуунун бир түрү. К. ж-нун өнүгүшү үч этапка бөлүнөт: иероглифтик, А ж-а Б сызык жазуусу.



Иероглифтик түрү кандайдыр бир нерсенин (мис., адам ж-а айбанаттардын, өсүмдүктөрдүн ж. б.) сүрөттөлүшүн, ал эми А ж-а Б түрү аталгандай эле сызык жазууну билдирет ж-а анын 100го жакын белгилери бар. Жазуу солдон оңго ж-а оңдон солго карай жазылып, грек тили үчүн пайдаланылган. К. ж-нун негизинде кипр жазуусу пайда болгон. Жазуунун Б түрү пайдаланылбай калган.

КРИТ-МИКЕ́Н МАДАНИЯТЫ – б. з. ч. 3–2-миң жылдыктарда Критте, Эгей архипелагында ж-а материктик Грекияда жашаган уруулардын мад-тынын шарттуу аталышы. Криттин б. з. ч. 3–2-миң жылдыктагы тарыхын 20-к-дын башында англ. археолог Эванс алгачкы миной (3000–2200), ортонку миной (2200–1600) ж-а соңку миной (1600–1200) деп 3 мезгилге бөлүүнү сунуш кылган. Алгачкы миной мад-тына энеолитке өтүү, жез куралды пайдалануу (болжол м-н 2600-жылдан), турак жайдын пайда болушу, мал чарбасынын тарыхашы ж-а деңизде сүзүүнүн өнүгүшү мүнөздүү. Ал мезгилде уруулук түзүлүш бузула баштаган. Ортонку миной мезгилинде (2000-жылга жакын) айрым илимпоздордун пикирине караганда ассириялык Саргондун аскерлери Критти (...ын алышына каршы күрөштүн натыйжасында борбору Кносс болгон Крит мамлекети түзүлгөн. Зор ж-а кооз Кносс двореци анын күч-кубатын далилдейт. Бул убакта Критте пиктогр. жазуу кеңири таралган. Соңку миной убагында б. з. ч. 1400-жылдагы күчтүү жер титирөөдөн Кносс двореци талкаланып, Эгей м-н Жер Ортолук деңиздин чыгышында бийлик микендерге өткөн. Микен мад-тына дубалы көркөмдөлүп тургузулган падыша дворецтери мүнөздүү. Анын гүлдөгөн мезгили 16–13-к-га таандык. Мында борборлошкон күчтүү бийлик өкүм сүргөндүгүн Пелопоннестин түрдүү аймагындагы, ал тургай Борб. Грекияны Микен м-н байланыштырган кыйма-чийме жолдор далилдейт. Б. з. ч. 13-к-дын аягында Микен мад-ты төмөндөй баштаган, курулуш токтоп, тышкы байланыш начарлаган. Ал Троя согушунун натыйжасы болушу ыктымал. Мындан тышкары б. з. ч. 12-к-да Микенге басып кирген дорийлер дворецтерди талкалап, алгач пайда болгон кул ээлик Крит-Микен мамлекетин жок кылган.

КРОКИ́ (фр. croquis) көркөм сүрөт искусствосунда – натурадан тез тартып алуу (адатта карандаш м-н) же арх-ралык курулманын, живопись, скульптура же графика чыгармаларынын композициялык оюн тез белгилөө; жалпы мааниси б-ча ал иштелип бүтпөгөн чыгармага (набросок) жакын.

КРОКОДИЛДЕР (Crocodylia) – сууда жашоочу сойлоочулар түркүмү. Денеси кескелдирик сымал, уз. 2–7 *м*ге чейин, башы жалпагай, узун тумшуктуу. Көзү ж-а таноосу башынын үстүндө. Таноосу ж-а кулак тешиктери жапкак м-н жабылган. Ооз көңдөйүндө экинчи таңдай өөрчүгөн. Куйругу узун ж-а бийик. Буттары кыска, күчтүү, сүзгүч жаргактары бар. Териси калың, мүйүз калкандар м-н капталган, астында сөөк пластинкалар (остеодермалар) жайгашкан. Башка сойлоочулардан айырмаланып, К-дин жүрөгү төрт камералуу. Өпкөсү чоң, татаал түзүлүштө, табарсыгы жок. Клоакасы дайыма узунунан кеткен жылчык түрүндө, эркегинде жуп эмес жы-



Крокодилдер: 1–нил крокодили; 2–миссисипи алигатору.

ныс мүчөсү болот. К-дин 3 тукуму бар: аллигаторлор, гавиалдар ж-а кадимки К. Кадимки К-дин 3 уруусу, 3 түрү, а. и. уз. 7 *м*ге жеткен нил крокодили белгилүү. Суунун көлгө ж-а деңизге куйган жерлинде, Түш.-Чыгыш Азиянын деңиз жээктеринде, Малайя архипелагынын а-нда, о. эле Түн. Австралия ж-а Жаңы Гвинеяда уз. 6 *м*ге жеткен кыр жондуу крокодил кездешет. К. тропик ж-а субтропиктин тузсуз көлмөлөрүндө таралган, кээ бири деңизге алыс сүзүп барат. Көбүнчө сууда болуп, түнкүсүн активдүү. Негизинен балыктар, суу омурткасыздары, о. эле куштар ж-а сүт эмүүчүлөр м-н азыктанат. Нил ж-а кыр жондуу К. адам үчүн коркунучтуу. К-дин ургаачылары тайыз жердеги кумга же саздагы чириндилер арасына 20–100 катуу акиташ кабыктуу жумуртка тууйт. Көп түрү тукумуна кам көрөт. К-дин эти желет, териси үчүн (өзгөчө аллигаторлор) кармалып, саны кескин азайып, көп түрү жок болуп кетүү алдында турат. Кадимки К-дин 15 түрү ТКЭСтин Кызыл китебинде катталган. Бир катар өлкөлөрдө (АКШ, Япония, Куба ж. б.) К. питомниктери бар.

КРОКОИ́Т (гр. krókos – саргыч күрөң) – хроматтар классына кирүүчү минерал. Хим. формуласы $Pb(CrO_4)$. Курамында 69,06% PbO, 30,94% CrO_3 бар. Моноклин системасында кристаллдашат. Өңү саргыч кызыл. Катуулугу Моостун шкаласы б-ча 2,5–3. С. салм. 6. Курамында хром кездешкен ультранегиздүү тектерге жакын же алардын арасындагы полиметаллдуу (коргошунцинк) кендердин кычкылдануу аймагында пайда болот.

КРОМАНЬОНДУКТАР – азыркы турпаттагы соңку полеолиттик адамдардын (неоантроптордун) жалпылама аты. Франциядагы Кро-Маньон (Cro-Magnon) үңкүрүнүн атынан аталган. Дүйнөнүн бардык булуң-бурчунан табылган сөөк калдыктары б-ча белгилүү. Эң алгачкылары 40 миң жыл мурда жашаган. К. соңку полеолиттин ар кыл археол. мад-ттарын түзүшкөн.

КРО́МВЕЛЛ АГЫМЫ – Тынч океандын чыгышындагы экватордук каршы агым. Батышты карай багытталган Түш. Пассат агымынын асты м-н ага каршы (чыгышка) агат. Уз. (Жаңы Гвинея тушунан Галапогос а-на чейин) 15 миң *км*, туурасы 300 *км*дей. К. а-нын ылдамдыгы экватордо 140–170 *см/сек*га чейин; агымдын өзөгү кээде экватордон 100 *км*ге чейин алыстап кетет. Океандын батышында 200 *м*, чыгышында 50 *м* тереңдикте, пассат шамалы басаңдаганда океан бети м-н агат. Суусунун чыгымы 25–40 млн *м*³/*сек*. Амер. океанолог – Т. Кромвеллдин ысмынан аталган.

КРО́МВЕЛЬ Оливер (25. 4. 1599, Хантингдон – 3. 9. 1658, Лондон) – *Англиядагы революциянын* (17-к.) ишмери. 1653-жылдан респ-нын лорд-протектору; индепенденттер партиясынын жетекчиси. Буржуазиянын ж-а жаңы дворяндардын мүдөөсүн жактаган. Парламенттин мүчөсү (1628–29), «узак парламенттеги» королго каршы оппозициянын активдүү ишмери (1640-жылдан). Биринчи (1642–46) ж-а экинчи (1648) жарандык согушта парламенттин «жаңы үлгүдөгү» армиясын түзүп, королдун аскерин 2 жолу (1644, 1645) талкалап, жеңишке жетишкен. Армияга таянып, парламентти ашынган пресвитериандардан тазалап, (1648) королду өлүм жазасына тартууга (1649, 30-январь) ж-а Англияны респ. деп жарыялоого (1649, 19-май) жигердүү катышкан. 1650-ж. лорд-генерал болуп дайындалып, демокр. агымдын өкүлдөрүн, Ирландия ж-а Шотландиядагы улуттук боштондук көтөрүлүштөргө (1949–52) катышкандарды аёосуз жазалаган. 1653-ж. протекторат режимин орнотуп, өлкө ичиндеги буржуазиянын бийлигин убактылуу чыңдаган. Англиянын соодасын өнүктүрүүгө, колонияга болгон үстөмдүгүн күчөтүүгө умтулган.



Ад.: Барг М. А. Кромвель и его время. 2-е изд., М., 1960; *Павлова Т. А.* Кромвель. М., 1980.

КРО́МЕРЖИЖ – Чехиядагы шаар. Злинский крайында. Морава д-нын өрөөнүндө жайгашкан.

Шаардын башкы аянты.



Калкы 29,4 миң (2009). Шаар алгач 1110-жылдан эскерилет. Шаар дубалдары (13-к.), Ыйык Маврикий чиркөөсү (1260-ж. чен), ратуша, монета двору ж. б. сакталган. Гүл бакча, сүрөт галереясы, китепкана, музей архиви бар. Сепил ж-а бакча *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген.

КРО́МЛЕХ (бретончо crom – тегерек ж-а lech – таш) – чоң таштардан коргон сыяктуу тегерек тургузулган неолит ж-а коло доорлоруна таандык сыйынма курулуш жайлары. Бийикт. 7 *м* келген таштар жерге орнотулуп, түрдүү диаметрдеги тегеректи түзөт. Ортосуна уруунун атактуу



Стонхенж громлехи. Улуу Британия.

адамдары коюлган. К. Америка, Улуу Британия, Франция, Скандинавия ж-а Кавказда кеңири таралган. Кырг-нда анча чоң эмес тегерек тизилип коюлган таштар К. деп аталат. Ал соңку темир доорунда пайда болуп, сак ж-а усундардын көрүстөндөрүндө көбүрөөк кездешет. К-тин чыгышы күнгө сыйынуу салты м-н байланыштырылат.

КРОНЦИ́РКУЛЬ – 1) буттарынын ортосундагы микрометрдик буралма м-н жөндөлүп, диаметри 2–80 *мм* болгон айлана чийүүчү циркуль. 2) ченөөчү К. – тетиктердин сырткы сызыктуу өлчөмдөрүн масштабдуу сызгычтын учу же калибри б-ча алынган өлчөмү м-н салыштыруу үчүн пайдаланылуучу курал.

КРОНШТА́ДТ (1972-ж. чейин К р о н ш л о т) – Россиядагы шаар. Санкт-Петербургдагы Кронштадт р-нунун адм. борбору. Финн булуңунун Котлин а-нда жайгашкан. Санкт-Петербургдан 29 *км* аралыкта. Калкы 42,6 миң (2009). Деңиз порту. Паром м-н Ломоносов ш., автомобиль жолу аркылуу материк м-н байланышат. К. чеп катары 1700–21-ж. Петербургду деңиз жактан коргоо максатында Пётр Інин буйругу м-н курулган. К-да Россиядагы алгачкы деңиз астр. (1857) ж-а компас (1864) обсерваториялары салынган. 18-к-дын 20-жылдарынан Балтика флотунун негизги базасы болгон. Аскер-деңиз музейи, радиону ойлоп тапкан орус физиги А. С. Поповдун кабинет-музейи, архит. эстеликтерден чеп (18-к.), деңиз [illegible]бору (1903–13-к.) сакталган. Пётр Іге, адмир[illegible] С. О. Макаровго ж. б. эстеликтер тургузулган[illegible]

Ч. Т. Айтматов Т. ж-а У. Усубалиев Кронштадттагы стадиондо кыргыз-моряктарынын арасында (1966).



Ад.: *Крестьянинов В. Я.* [illegible]онштадт – город-музей. СПб., 2008.

КРОНШТА́ДТ КОЗГО[illegible] (1921) – Совет бийлигине каршы куралду[illegible]зголоң. 28-февраль – 18-мартта Кронштадтт[illegible] элдик интервенттер ж-а ак гвардиячылар [illegible] байланышкан эсерлер, анархисттер ж-а м[illegible]шевиктер чыгарышкан. Рев-ячыл моряктар[illegible]ын көбү жарандык согушка кетип, алардын ордуна дыйкан жаштарынын келиши, о. эле азык-түлүк чачымына ж-а «согуштук коммунизм» саясатына дыйкандардын ж-а айрым жумушчу бөлүктөрүнүн нааразылыгы себеп болгон. 1-мартта Якорь аянтындагы шаардык жалпы митингде козголоңчулар соода эркиндигин, комиссарлардын жоюлушун, солчул социал. партияларынын эркин иштешин ж-а Советтердин кайра шайлануусун талап кылышкан. Алар «Советтер коммунисттерсиз болсун!», «Бийлик коммунисттерге эмес, Советтерге!» деген ураандар м-н чыгышкан. 2-мартта С. М. Петриченко жетектеген «Убактылуу революциячыл комитети» түзүлгөн. К. к-на каршы Совет бийлиги М. Н. Тухачевский жетектеген 45 миң кишиден турган 7-армияны жиберип, 18-мартта козголоң басылган.

Ад.: *Семенов С. Н.* Кронштадтский мятеж. М., 2003; *Эврич П.* Восстание в Кронштадте, 1921. М., 2007.

КРУ́ГЛИКОВА Анна Николаевна (1923-ж. т., азыркы Москва р-ну, Беловодский кыш.) – кенеп өстүрүүчү, Соц. Эмг. Баатыры (1950). Ал жетектеген Кыргыз ССРинин Сокулук р-нундагы «Төмөнкү-Чүй» совхозунун кенеп өстүрүүчү звеносу 1949-ж. 31 *га* аянттын ар гектарынан 103 *ц*ден кенеп сабагын жыйнаган. Ленин ордени м-н сыйланган.



КРУЗЕНШТЕ́РН Иван Фёдорович (Адам Иоганн) [8(19). 11. 1770, Ревель губерниясы, Хадуги мызасы – 12(24). 8.1846, Ревелге жакын Асс чарбагы] – орус деңиз саякатчысы, адмирал, океанограф. Аскер-деңиз академиясын уюштурган. Орус география коомун түзүүчүлөрдүн бири. Дүйнөнү айланган алгачкы орус экспедициясынын (1803–06) начальниги. Алар «Надежда», «Нева» кемелеринде сүзүшкөн. Атлантика м-н Тынч океандарындагы пассат аралык каршы агымдарды ачкан. Тынч ж-а Инди океандарында океаногр., метеорол. комплекстүү иштерди аткарган. Дүйнөлүк океандын тереңдигин системалуу изилдөөгө жол салган. Алгачкылардан болуп Сахалин а-нын 1000 *км*[illegible] жакын жерин картага түшүрүп. Курил а-нын бир бөлүгүн сүрөттөп [illegible]азган. «Дүйнөгө саякат» үч томдугунун (180[illegible] 1804, 1805 ж-а 1806) ж-а «Түштүк деңиздин атласы» 2 томдугунун (1823–26) автору.



Ад.: *Свердлов Л. М.* Крузенштерн и Рязанов. М., 2006.

КРУ́ПСКАЯ (У л ь я н о в а) Надежда Константиновна [14 (26). 2. 1869, Санкт-Петербург – 27. 2. 1939, Москва] – педагогиканын ж-а билим берүү системасынын теоретиги, уюштуруучусу, сов. мамл. ж-а парт. ишмер, СССР ИАнын ардактуу мүчөсү (1931). 1917–20-ж. эл агартуу системасын түзүү, уюштуруу б-ча директивалык жоболорду, концепцияларды иштеп чыгууга активдүү катышкан. Элге билим берүү системасын демокр. негизде уюштуруу б-ча прогрессивдүү педагогдордун көз караштарын жактаган. Калктын жалпы мад-тын жогорулатууда мектептеги таалим-тарбия ишин жүргүзүүнү күчөтүү керектигин белгилеген. Балдардын ж-а жаштардын коомдук уюмдарынын ишмердүүлүгүнүн теор. негиздерин иштеп чыккан.



Ад.: Н. К. Крупская: Биография. М., 1988; *Куманев В. А.* Противостояние: Крупская – Сталин. М., 1994.

КРУ́ПСКАЯ, О к т я б р ь – Чүй обл-нун Москва р-нундагы кыштак. Александровка айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 880 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Беловодский кыш-нан 15 *км* чыгыш тарапта. Кыштак 1950-ж. негизделген. Калкы 1564 (2009); негизинен жүзүм өстүрүп, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү ж-а ФАП бар. Соода ж-а тамактануу жайлары иштейт.

КРУТИ́ХИН Юрий (1. 5. 1932-ж. т., Ульянов обл., Веткайский р-ну, Степное айылы) – спортчу (шахмат), Кырг-ндын шахмат б-ча көп жолку чемпиону. КМДТИни бүтүргөн. 1951–56-ж. армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1956–65-ж. «Алга» спорт коомунун алдындагы дене тарбия ж-а спорт к-тинде улук машыктыргыч, 1971–73-ж. КАЧИде дене тарбия кафедрасынын окутуучусу, шахмат б-ча улук машыктыргыч болуп иштеген. 1961-ж. шахмат б-ча СССРдин спорт чебери деген наамга Кырг-ндан биринчи татыктуу болгон. 1947–51-ж. жаштар арасында, 1951–66-ж. Кыргыз ССРинин чемпиону, СССРдин 3–5-спартакиадаларынын катышуучусу (1959, 1963, 1967), «Динамо» спорт коомунун чемпиону.

КРУ́ШНЕ-ГО́РИ, К е н д ү ү т о о л о р (нем. Erzgebirge Krušne hory) Чех тоо массивинин түн.-батыш чет-жакасы, Германия м-н Чехиянын чек арасы б-ча 150 *км*ге созулуп жатат. Бийикт. 1244 *м*ге чейин. Негизинен кристаллдуу тоо тектерден, кумдук, конгломераттан турат. Кыр зонасы күдүрлүү, түш. капталы тик, түндүгү жантайыңкыраак (этегинен Саксония Швейцариясы орун алган). Аралаш токой, бийигирээк чым-көң, шалбаа ээлейт. Полиметалл кенташтары, күрөң көмүр кени, кайнар булактар, курорттор бар.

КРЫЛЕ́НКО МӨҢГҮСҮ – Борб. Теңир-Тоодо жайгашкан өрөөн тибиндеги ири мөңгү. Сары-Жаздын алабында, Боз-Кыр ж-а Постышев кырка тоолорунун кошулган жеринен башталып, Көйкап өрөөнүнүн таманына бир аз жетпей бүтөт. Уз. 6,1 *км*, аянты 2,4 *км*². Башы деңиз деңг. 5420 *м*, этеги 3460 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4100 *м*. Мурда (болжол м-н 1850–60-ж.) ал Көйкап мөңгүсүнүн бир чоң салаасы болгон. Кийин чегинүүдөн андан ажырап, өзүнчө мөңгү болуп калган. Мөңгүдөн Көйкаптын сол курамы башталат. Мөңгү альпинист ж-а мамл. ишмер Н. В. Крыленконун урматына аталган.

КРЫЛО́В Иван Андреевич (13. 2. 1769, Москва – 21 11. 1844, Санкт-Петербург] – орус жазуучусу, тамсилчи, Россия ИАнын мүчөсү (1811), Петербург ИАнын академиги (1841). Сатиралык «Почта духов» (1789) ж. б. журналдарды чыгарган. «Кофе тарткыч» (1782), «Тентектер» (1787), «Филомела» (1788) ж. б. комедияларды жазган. К. орус ад-тында тамсил жанрын өнүктүргөн. К. «Модалуу дүкөн» (1807), «Кыздарга сабак» (1807) ж. б. комедиялары м-н таанылган. Ал «Карышкыр менен козу», «Чегиртке менен кумурска» ж. б. тамсилдеринде адамдардын ж-а коомдун кемчиликтерин ашкерелеген. Анын тамсилинин тилин А. С. Пушкин, А. С. Грибоедов, Н. В. Гоголь ж. б. жазуучулар үлгү туткан. К-дун чыгармалары дүйнөнүн 50дөн ашык ти-



лине (бир нече жолу кыргыз тилине) которулган. Кыргыз акын-жазуучулары (Тоголок Молдо, Ж. Бөкөнбаев ж. б.) К-дун тамсилдеринин үлгүсүндө чыгарма жазышкан. Тамсилдерин кыргыз тилине А. Осмонов, Р. Шүкүрбеков ж. б. которгон.

Чыг: Поли. собр. соч. в 3 т. М., 1944–46; Тамсилдер. Ф., 1973.

Ад.: *Степанов Н. Л.* И. А. Крылов. Жизнь и творчество, 2-е изд., М., 1969; *Кровин В. И.* Поэт и мудрец. Книга об И. Крылове. М., 1996.

КРЫМ, К р ы м ж а р ы м а р а л ы – Чыгыш Европанын түш. бөлүгүндөгү жарым арал, Украинанын курамында. Батышынан ж-а түштүгүнөн Кара, чыгышынан Азов деңиздери, Керчь кысыгы м-н чулганат. Материк м-н кууш (8 *км*) Перекоп мойногу аркылуу туташат. Аянты 25,5 миң *км*². Чыгыш бөлүгүндө Керчь, батышында Тарханкут ж. а. жайгашкан. Түн. бөлүгүн түздүк (Талаа Крымы), түштүгүн (Тоолуу Крым) Крым тоолору (эң бийик жери 1545 *м*ге чейин) ээлейт. Крым тоолорунун түштүгүн этектей кууш тилке – Крымдын түштүк жээги созулуп жатат. Айрым жерлеринде лакколиттер (Аюудаг тоосу), байыркы жанартоо массивдери (Карадаг) кездешет. Негизги кен байлыктары: темир (Керчь темир кенташтуу бассейни), табигый газ (түн., түн.-батышында), туз (Сиваш), акиташ, мергель ж. б., көлдөрүндө дары баткак бар. Түн. бөлүгүнө мелүүн, кургакчыл, түштүгүнө субтропиктик жер ортолук деңиздик климат мүнөздүү. Январдын орт. темп-расы түндүгүндө 1°С, түштүгүндө 4°С, июлдуку 24°С. Жылына түндүгүндө 300 *мм*, тоолоруна 1200 *мм* жаан-чачын жаайт. Чакан дарыялар (Кара, Бельбек, Кача, Салгир ж. б.), туздуу лиман көлдөрү (Сак ж. б.), Түн. Крым каналы бар. Түндүгүндө ж-а тоо этектерине конур, кара, тоолоруна күрөң тоо-токой, яйлаларга кара, тоошалбаа топуректары мүнөздүү. К-дын түн. бөлүгүндөгү талаа негизинен айдалат. Тоолорунда эмен, бук-граб токою, деңиз жээктеринде шибляк түрүндөгү бадал өсүмдүктөрү өсөт. Жээгинде Ялта, Мисхор, Алупка, Алушта ж. б. курорт шаарлар бар. К. ж. а-нда Ялта, Мартьян тумшугу, Карадаг ж. б. коруктары, о. эле Крым корук-анчылык чарбасы ж-а Никита ботан. багы уюшулган. 15–18-к-да Крым хандыгы ээлик кылган; 1783-ж. К. Россия империясына кошулган. Крым согушунда (1853–56) согуш талаасына айланган. 1918–54-ж. Россиянын, 1954-жылдан Украинанын курамында.

Ад.: *Муратов М. В.* Краткий очерк геологического строения Крымского полуострова. М., 1960; *Кирилов А. И.* Удивительный полуостров. Симферополь, 1963; *Подгородецкий П. Д.* Крым. Природа: Справочное изд. Симферополь, 1988; *Багрова Л. А., Боков В. А., Богров Н. В.* География Крыма. К., 2001: Экология Крыма / Под ред. Н. В. Багрова, В. А. Бокова. Симферополь, 2003.

КРЫМДЫН ТҮШТҮК ЖЭЭГИ Крым ж. а-нын түш. жээк тилкеси; батышынан Айя тумшугунан чыгышында Карадаг ж-а тоо массивине чейин 100 *км*ден ашык аралыкта созулуп жатат. Туурасы 2–8 *км*. Түндүктөн Яйланын урчуктары м-н чектешет. Тоо этегиндеги дөнсоолүү түздүк басымдуу; тоолуу рельеф локкалиттер (Аюудаг, Кастель) да мүнөздүү. Климаты субтропиктик. Жер ортолук деңиз тибинде. Жыгач-бадалдуу ксерофит өсүмдүктөрүнө жер ортолук деңиз флорасынын түрлөрү да (эмен-арча токою, дайыма жашыл бадалчалар, шибляк ж-а фригана бадалдары) аралаш өсөт. К. т. ж. маанилүү курорт зонасы (климаттык терапия, деңиз суусуна түшүү мөөнөтү июлдан сентябрга чейин). Климаттык курорттор, курорттуу посёлкалар ж-а аймактар көп. Алар: Алупка, Алушка, Артек, Гурзуф, Карасан, Кастрополь, Кореиз-Гаспра, Көгүлтүр булун, Күчүк-Ламбат, Ливания, Массандра, Меласс, Мисхор, Ореанда, Симеиз, Форос, Ялта. К. т. ж-нде Мартьян тумшугу, Ялта, Карадаг коруктары, белгилүү Никита ботан. багы бар.



Крым жарым аралынын түш. [illegible]ыш жээги.

КРЫМ КОНФЕРЕНЦИЯСЫ (1945), Я л т а к о н ф е р е н ц и я с ы – экинчи дүйнөлүк согушта (1939–45) союздаш 3 мамлекеттин (СССР, АКШ ж-а Улуу Британия) өкмөт башчыларынын (И. В. *Сталин*, Ф. Д. *Рузвельт*, У. *Черчилль*), тышкы иштер министрлеринин, штаб начальниктеринин ж. б. кенешчилердин катышуусу м-н өткөрүлгөн конф-я. 4–11-февралда Ялтада (Крым) өткөн. К. к-на гитлердик Германияны толук талкалоо максатында союздаш 3 мамлекеттин согуш пландары макулдашылган, согуш бүткөндөн кийин бекем тынчтыкты ж-а эл аралык коопсуздукту уюштурууда союздаштардын макулдашкан саясатынын негизги принциптери белгиленген. К. к-нын катышуучулары Германияны кыйк этпей багынып берүүсүнүн шартын [illegible]ике ашыруу ж-а жалпы саясат ж-дө келиши[illegible]өн. Үч мамлекеттин кураллуу күчтөрү Гер[illegible]ияда өзүнчө оккупациялык зоналарды ээлейт д[illegible]макулдашылган. Үч мамлекеттин башчылар[illegible]германдык милитаризм м-н улутчулдукту жо[illegible]ылуулуу ж-а Германия келечекте тынчтыкты [illegible]зуугa жол бербегидей гарантия түзүүнү билди[illegible]ишкен. К. к. согушта союздаш өлкөлөргө кел[illegible]ирген зыяны үчүн Германиядан күн алуу керек деп тапкан. Элдердин ортосундагы тынчтыкты сактоо максатында конф-я Бириккен Улуттар Уюмун (ООН) түзүү ж-дө чечимге келген. К. к. «Бошотулган Европа жөнүндө декларация» кабыл алып, Польшанын чек аралары тууралуу бир катар чечимдер чыгарган. Жалпы тынчтыкты камсыз кылуу максатында СССР К. к-нда Европада согуш бүтөрү м-н 2–3 айдан кийин белгилүү шартта Японияга каршы согушка кирүүгө макулдугун берген.

Ад.: Ялтинская конференция 1945: Уроки истории / Под. ред. А. Н. Яковлева и др. М., 1985.



И. В. Сталин, Ф. Д. Рузвельт жана У. Черчилль (ондон солго) СССР, АКШ жана Улуу Британиянын өкмөт делегацияларынын мүчөлөрү менен Крым (Ялта) конференциясында, 1945.

КРЫМОВ Николай Петрович [20. 4(2. 5). 1884, Москва–6. 5. 1958, ошол эле жер] – орус пейзажист-живописчиси ж-а театр сүрөтчүсү, РСФСР эл сүрөтчүсү (1956). СССР сүрөт академиясынын мүчөсү (1949). Москвадагы живопись, ийчилик ж-а зодчийлик окуу жайынан билим алган (1904–11). «Көгүлтүр роза» көргөзмөсүнүн катышуучусу (1907). Вхутемаст (1920–22) ж-а «1905-жылдын эстелиги» сүрөт окуу жайында (1934–39) сабак берген. Ачык колориттүү декоративдүү жалпылашкан бир нече композицияны жараткан («Чагылган», 1908; «Сары сарай», 1909; «Сууга түшкөн аялдар», 1910). К. синтездүү пейзаж-картина жаратып, образдык түзүлүштүн эмоциялуу бирдиктүүлүгүнө жетишкен («Суу», 1926; «Борбордук парктагы тан...», 1937; «Тарустагы жай күнү», 1940). К. МХАТта А. Н. Островскийдин «Жалын жүрөк (1926), «Таланттар жана таазим кылуучулар» (1933), Л. Леонов-



«Тегирмендин жанында». 1927. Третьяков галереясы. Москва.

дун «Унтиловск» (1928) спектаклдерин жасалгалаган.

КРЫМ РЕСПУБЛИКАСЫ Украинанын курамына кирет. Крым ж. а-нда жайгашкан. Аянты 27 миң *км*². Калкы 2,6 млн (2006). Адм.-айм. жактан 15 районго, 16 шаарга, 56 шаарчага бөлүнөт. Борбору–Симферополь ш.

Табиятын *Крым* макаласынан кара. Калкынын негизин орустар, украиндер түзөт, о. эле крым татарлары ж. б. улут өкүлдөрү да жашайт. Шаар калкы 69,2%. Ири шаарлары: Севастополь, Симферополь, Керчь. Курорт шаарлары – Ялта, Евпатория, Алупка, Алушта.

Крым Чыгыш Европадагы калк байыртадан эле отурукташкан аймак. Б. з. ч. 2-миң жылдыктын аягында киммерийликтер, б. з. ч. 1-миң жылдыкта таврлар, 8–9-к-дар скифтер отурукташкан. Б. з. ч. 480-жыл ченде респ-нын бир бөлүгү Боспор мамлекетине караган. 13-к-да моңголдор тарабынан басып алынып, Алтын Ордого кирген. 1443-ж. Крым хандыгы түзүлүп, ал Осмон империясынын вассалы болгон. 1783-ж. Россия империясына кошулган. К. Р. 1918–54-ж. РСФСРдин курамына кирген. 1954-жылдан Украинанын курамында. 1944-ж. Крым татарлары күч м-н О. Азияга көчүрүлгөн. 1967-ж. татарлар реабилитацияланып, кайрадан келүүгө мүмкүнчүлүк алышканы м-н 1979-ж. күч м-н К. Р-нан чыгарылган. 1987-жылдан Крым татарлары мекенине кайта башташкан. 1988-ж. федерация мыйзамы татарлардын Крымда жашоо укугун тастыктаган. К. Р. 1992-ж. көз каранды эместикке ээ болуп, республика статусун алган. Жаңы Конституциясы 1998-ж. 23-декабрда ишке кирип, КР Крым Автономия Респ. болуп аталган.

Ө. ж-нын негизги тармактары: тамак-аш (мөмө-жемиш ж-а жашылча консервалары, шарап, эфир-май ж. б.), машина куруу (кеме, тамак-аш ө. ж. үчүн жабдуу, приборлор, телевизор), хим., жеңил. Кен байлыктарынан темир, нефть, газ казылып алынат. ГРЭС курулган. Мөмө-жемиш, жүзүмчүлүк, жашылчачылык, бакчачылык өнүккөн. Жүгөрү, соя, шалы, күн карама, тамеки, эфир-май өсүмдүктөрү өстүрүлөт. Эт-сүт багытындагы мал чарбачылыгы өнүккөн. Чочко, кой асыралат. Негизги порттору: Керчь, Феодосия, Ялта.

К.– маанилүү курорттуу аймак. Башкы курорттору: Ялта, Мисхор, Алупка, Симеиз, Гурзуф, Алушта (Крымдын Түш. жээги), Феодосия, Евпатория.

Ад.: Крымская Республика // Большая Российская энциклопедия, спец. том. Россия. М., 2004.

КРЫМ СОГУШУ (1853–56), Ч ы г ы ш с о г у ш у – Ж. Чыгыш үчүн Россиянын Улуу Британия, Франция, Түркия, Сардиния коалициясы м-н болгон согушу. 19-к-дын ортосунда Улуу Британия м-н Франция Россияны Ж. Чыгыш рыногунан чыгарып, Түркияны өзүнө баш ий-

дирген. Император *Николай I* Ж. Чыгышты Улуу Британия м-н ортоктош бийлөө ж-дөгү аракетинен натыйжа чыкпагандан кийин, Түркияга түздөн-түз кысым жасоо м-н позициясын калыбына келтирүүнү чечкен. Улуу Британия ж-а Франция чыр-чатакты күчөтүп, Россияны начарлатууга, андан Крым, Кавказ ж. б. аймактарды тартып алууга умтулган. Согуштун башталышына православие ж-а католицизм диничилеринин ортосунда Палестинадагы «ыйык жерге» ээ болуу үчүн 1852-ж. чыккан талаш-тартыш шылтоо болгон. Түркия 1853-ж. 4 (16)-октябрда Россияга согуш жарыялаган, бирок орус армиясы чабуулдун мизин майтарган. Вице-адмирал П. С. Нахимов жетектеген орус армиясы Синоп салгылашуусунда түрктөрдүн Кара деңиздеги флотун талкалаган. Түркиянын жениши Улуу Британия м-н Франциянын согушка киришин тездеткен. 1853-ж. 11 (22)-апрелде Англия-Франция эскадрасы Одессаны аткылаган. Севастополь 1854–55-ж. 349 күн баатырдык м-н коргонуп, душманга багынган эмес. 1855-ж. 14(26)-январда Россияга каршы согушка Сардиния королдугу кирген. Душмандын бир нече чабуулунан кийин орус аскери Севастополду ташпа, түндүккө чегинген. 1855-жылдын аягында согуштук кагылышуулар басаңдап, Венада кайрадан сүйлөшүүлөр башталган. Россия согуштук курал-жарак, техника ж-а эконом. жактан Батыш Европадан өтө артта калган. Швеция, Пруссия ж-а Австриянын Россияга кастыгы курчуган. Ушундай кырдаалда орус падышалыгы 1856-ж. 18 (30)-мартта Париж тынчтык келишимине кол коюуга мажбур болгон (к. *Париж тынчтык келишими*). К. с. эки тараптан тең адилетсиз, басып алуучу мүнөздө болгон.

Ад.: *Тарле Е. В.* Крымская война. М., 2005. Т. 1–2.

КРЫМ ТООЛОРУ, Таврия тоолору Крым ж. а-нын түштүгүндө. Уз. 150 *км*, туурасы 50 *км*ге чейин. Кара деңизди жээктей бири-бирине жарыш созулуп жаткан 3 жалчадан турат: Башкы (түш.) жалча – Яйла (эң бийик жери 1545 *м*ге чейин, Роман-Кош чокусу) ж-а түштүктү карай тик түшкөн куэста тибиндеги 2 жалча – Ички (ортонку) жалча, бийикт. 750 *м*ге чейин ж-а Сырткы (түн.) жалча, бийикт. 350 *м*ге чейин. К. т. жер ортолук деңиз кырчоосунун альп бүктөлүү обл-ндагы эпигеосинклиналдык, бир аз бөлүгү эпиплатформалык тоолорго кирет. Жалчалардын тамандары, тоо этектери ж-а Крымдын түш. жээги (Феодосия ж-а Судак туштагы бөлүгүнөн башкасы) кумдук кабатчалары бар чополуу сланец, таш капталдары чопо ж-а кумдук кыртышынан, ал сланецтин үстү негизинен акиташ тектеринен түзүлгөн. Яйлага рельефтин карсттык формалары – чункур жерлер, үнкүрлөр (Кызыл үнкүр ж. б.) мүнөздүү. Магма тектери лакколит (Аюудаг, Сокусу) ж-а бузулган жанартоо массиви (Карадаг) түрүндө жер бетине чыгып жаткан аймакта кездешет. Курулуш материалдарынын (акиташ, шагыл, туф, диабаз ж. б.), асыл таштардын (Карадагда) кендери, минералдуу булактары («Феодосия», «Крым нарзаны») бар. Капталдарында ксерофилдүү жапыз өскөн арча-эмен токою (антропогендик процесстердин таасиринен) шибляк, фригана тибиндеги бадалдар м-н аралаш өсөт. Яйла чокуларында таштуу тоо шалбаасы ж-а шалбаалуу талаа мүнөздүү карст ландшафты басымдуулук кылат. Башкы жалчанын капталдарында Крым корук-анчылык чарбасы, Ялта коругу, Карадаг коругу, Мартьян тумшугу коругу бар.

Крым тоолорунун ички жалдарынын куэстасы.



КРЫМ ХАНДЫГЫ – крым татарларынын *Алтын ордодон* бөлүнүп чыккан (15–18-к.) феод. мамлекети. 1239-ж. моңгол-татарлар Крымда жашаган алан, кыпчак, славян ж. б. элдерди каратып, жарым аралдын түз жерлерин басып алган ж-а 13-к-дын аягында аны өздөрүнүн туруктуу жайлоо-кыштоосуна айландырышкан. 13–14-к-да Крымда өзгөчө акимдик (борбору – Солхат) түзүлүп, 1433-ж. ич ара күрөштүн натыйжасында феодал ак сөөктөрдүн колдоосу м-н Девлет-Хажи-Гирей бийликке келген. 1443-ж. Литва Улуу княздыгына таянып, ал Алтын Ордого көз карандысыз К. х-н түзгөн. Менгли-Гирей хандын тушунда (1468–1515) түрк аскерлери Крымга басып киргенден кийин (1475), К. х. Түркияга көз каранды хандыкка айланган. К. х-нын феодал ак сөөктөрү олжо, тутқун, салык алуу үчүн 16–17-к-да Россия, Украина, Польша жерлерине кол салып турган. 17–18-к-дагы орус-түрк согуштарында К. х. Түркияны колдогон. *Кучук-Кайнаржы тынчтык келишими (1774)* б-ча К. х. Түркияга көз карандылыктан кутулуп, Россиянын протекторатындагы көз карандысыз хандыкка айланган. 1783-ж. Россия империясынын курамына биротоло кошулган.

Ад.: *Новосельский А. А.* Борьба Московского государства с татарами в 1-й половине XVII в. М.; Л., 1948; *Смирнов В. Д.* Крымское ханство под верховенством Оттоманской Порты. М., 2005. Т. 1. До начала XVIII в.

КРЮЧКО́В Алексей Степанович (17. 3. 1926, Орлов обл., Ульянов р-ну – 1989, Москва) – геолог, Кыргыз ССРинин мамл. сыйл. лауреаты (1976). Москва түстүү металлдар ж-а алтын ин-тун бүткөн (1948). Тажикстандагы Кансай кенинде геолог, улук геолог, начальник (1948–50), Ак-Түз кенинин башкы геологу, начальниги, директору (1953–57), Кыргыз тоо-кен комбинатынын директору (1957–61), Кыргыз геология башкармасынын начальниги (1961–65). 1965-жылдан СССР геология министрлигинде сейрек ж-а түстүү металлдар башкармасынын начальниги болуп иштеген. Кыргыз ССРинин геология кызматына эмгек сиң. кызматкер, РСФСРдин эмг. сиң. геологу.

КРЮЧКО́В Никита Афанасьевич [24. 12. 1910 (6. 1. 1911), Москва – 13. 4. 1994, ошол эле жер] – орус совет актёру. СССР эл арт. (1965). 1928-ж. Москва ТРАМынын (Жумушчу жаштар театры) труппасына өткөн. Н. П. Хмелёв, И. Я. Судаков, И. А. Совченконун шакирти. 1930–40-жылдары шайыр замандаштарынын образын түзгөн: Андрей Сазонов («Комсомольск», 1938), Клим Ярко («Трактористтер», 1939) ж. б. «Мылтыктан киши» (1938), «Яков Свердлов» (1940), «Кырк биринчи» (1956) ж. б. фильмдерде революционердин, кызыл аскердин, партизандардын ролун чебер аткарган. 1950–60-жылдары каармандардын рухий дүйнөсүн терең ачкан бир нече драмалык ролдордо ойногон («Ырайымсыздык», 1959; «Сот», 1962 ж. б.). Белгилүү ролдору: Кузьма Петров («Чочко баккан аял менен малчы»), майор Булочкин («Небесный тихоход»), Корольков («Румянцевдин иши»), Неуеденов («Бальзаминовдун үйлөнүүсү»). СССР мамл. сыйл. (1941) лауреаты. Ленин ордени, башка 3 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.



Н. А. Крючков. «Трактористтер» фильминде. 1939.

КСЕНОЛИТТЕР (гр. *xénos* – башка, чоочун ж-а *lithos* – таш) – магмалык тектердин ичине курамы башка тектердин кирип калышы. Жер кыртышынын терең болүгүнөн көтөрүлүп келе жаткан магмага мурда пайда болгон тектердин кесек болүкчөлөрү аралашып, толук эрибей калса, биздин көзүбүзгө «жамаачы» сыяктанып көрүнөт. Ар кандай чондукта болот. Тоо тектердин пайда болуу жашын аныктоодо мааниси зор.

КСЕНО́Н (лат. Xenonum), Xe – *элементтердин мезгилдик системасынын* VIII тобундагы хим. элемент, *инерттүү* газдарга кирет; ат. н. 54, ат. м. 131,30. Негизинен атм-да жолугат. Атм. К. туруктуу 9 изотоптун аралашмасынан турат. 1898-ж. англ. илимпоздор У. Рамзай м-н М.Траверс ачкан. Жер кыртышында ураны бар минералдарда кездешет. К.– сейрек кездешүүчү элемент. Кадимки шартта 1000 $м^3$ абада 87 $см^3$ К. болот. К. бир атомдуу түссүз, жытсыз газ; эрүү t –111,8°С, кайноо t –108,1°С. Окистенүү даражасы +2, +4, +6, +8. К-дун алгачкы хим. бирикмесин $XePtF_6$ канадалык химик Н. Бертлет ачкан. Анын фтор м-н болгон бирикмелери XeF_2, XeF_4, XeF_6, XeF_8 жакшы изилденген. XeF_4түн эритмеси сууда өтө туруксуз окисти XeO_3 (күчтүү жарылгыч зат) пайда кылат. XeF_6га $Ba(OH)_2$нин эритмесин таасир этип, барий ксенатын $BaXeO_6$ алууга болот. Сегиз валенттүү К-дун туздары да белгилүү, мис., $NaXeO_6 \cdot 6H_2O$. Бул тузга күкүрт к-тасын таасир этүүдөн жогорку окисин XeO_4 алууга болот. К-дун кош туздары да бар: $XeF_2 \cdot 2SbF_5$, $XeF_6 \cdot AsF_3$ ж. б. Перхлораты $XeClO_4$ – күчтүү окистенткич. К. газы өө. ж. абадан алынат. Электр-вакуумдук техникада, жарык берүүчү лампада ж-а импульстук кубаттуу жарык берүүчү булактарды алууда колдонулат.

КСЕНОФА́Н Колофонский (б. з. ч. 570-ж. чейин, Афины – 478-жылдан кийин, Коринф) – байыркы грек акыны ж-а философ, элей мектебин негиздөөчү. Пародиялык «Силлаларында» антропоморфизмди сындаган. К. грек дининин антропоморфтук кудайларына келбети, акыл-эси б-ча адамга окшобогон кудайды каршы койгон.

КСЕНОФО́НТ (б. з. ч. 430-ж., Афины – б. з. ч. 355 же 354-ж., Коринф) – байыркы грек жазуучусу ж-а тарыхчысы, Афины кол башчысы ж-а саясатчысы, Сократтын шакирти. Ак сөөк үйбүлөдөн чыккан. Б. з. ч. 403-ж. Отуз тирандын олигархиялык өкмөтү кулаган соң, Афиныдан кетип, Персия падышасы Артаксеркс IIге каршы жортуулга катышкан. Коринф согушунда (б. з. ч. 395–387) Спартага жардам бергендиги үчүн К-ту Афины соту сыртынан өлүм жазасына кескен. Ал Элиадада калып, чарбачылык м-н кесиптенген. 369-жылдары К-тун Афиныда жарандык укугу калыбына келтирилген, бирок ал өз мекенине кайтып барган эмес. К. байыркы замандын көрүнүктүү авторлорунун бири болгон. Анын дээрлик бардык эмгектери биздин убакка чейин жетти. К. Фукидиддин «Грек тарыхын» (7 китептен турган) улантып, б. з. ч. 401-жылдан 362-ж. чейинки окуяларды демократияга каршы көз караштa баяндаган. Анын «Сократтык дилбаяндар» («Сократтын апологиясы», «Сократ ж-до эскерүү», «Пир») аттуу Сократтын философиясына баяндама эмгеги Грекиянын социал., экон., саясий тарыхы үчүн маанилүү булак болгон. К-тун чыгармалары антикалык сөз сүйлөөнүн классикалык үлгүсү катары эсептелген жөнөкөй, бирок бай тил м-н жазылган.

Ад.: *Фролов Э. Д.* Жизнь и деятельность Ксенофонта // Ученые записки Ленинградского гос. университета, 1958. № 251. Сер. исторических наук. Вып. 28.

КСЕРКС (байыркы фарсыча Хшаяршан – «падышалардын баатыры») (болжол м-н б. з. ч. 522–465) – перс падышасы (б. з. ч. 486–465). Ахемениддер династиясынан чыккан Дарий Iнин уулу. 486–484-ж. египеттиктердин перс бийлигине каршы чыккан которулушун баскан. 482-ж. Месопотамиядагы вавилондуктардын которулушун талкалап, 481-ж. Вавилон падышалыгын перс сатрапиясына айлантkан. 481-ж. жазында К. Грекияга каршы жортуулга чыккан. 480-ж. августта Түн. Грекияда Фермопилдеги ири салгылашууда Афиныны басып алган, бирок бир ай өткөн соң, Саламин дениз салгылашында бириккен грек флоту перстерди талкалаган. Ушундан кийин К. согушту андан ары улантуу үчүн кол башчысы Мардонийди армиясы м-н Фессалияга калтырып, өзү армиянын бир болүгүн алып, Сардыга (Лидиянын борбору) кайткан. 479-ж. Платея ш-на жакын жердеги чечүүчү салгылашта перс армиясы талкаланып, кол башчысынан ажыраган. Натыйжада грек-перс согуштары (б. з. ч. 500–449) гректердин жеңиши м-н аяктаган. 465-ж. августта К. хан сарайында олтүрүлгөн. К-тин бийлиги учурунда Персеполь, Суз ж-а Экбатанда хан сарайлар салынган. К-тин башкаруу мезгилинен байыркы перс, элам ж-а вавилон тилдеринде 20га жакын клинопистик жазуулар сакталып калган.



«Ксеркс кол чатыр кармаган кулдардын коштоосунда». Персеполдогу рельеф. В. а. ч. 5-к.

КСЕРОФИТТЕР (гр. xērós – кургак, phytón – өсүмдүк) – кургакчыл, ным жетишсиз жерде өсүүчү, ысыкка чыдамдуу өсүмдүктөр. К. көбүнчө талаа, чөл, боздондо өсүп, кургакчылыкка өсүүгө ыңгайланышына жараша айырмаланат. **Суккуленттер** (кактус, алоэ, агава ж. б.) тканларына суу топтоп, кургакчыл мезгилде аларды акырындык м-н үнөмдүү сарптайт. **Гемиксерофиттер** (мисте, тоо тикен ж. б.) – тамыры өтө терең кетип, нымды жер төренинен алат. **Пойкилоксерофиттер** – негизинен өзүнүн суу режимин жөнгө салалбаган жөнөкөй түзүлүштүү өсүмдүктөр (эфемерчек, мамык чөп ж. б.). Суусуз калышса, анабиозго (тиричилиги өтө жай) өтүп, ным жетиштүү болгондо, кайра өсүүгө жөндөмдүү.

КСИЛОГРА́ФИЯ (*ксило...* ж-а *...графия*) – 1) жыгачтын бетине, аны оюп, кырып сүрөт тартуу; 2) жыгачтын бетине уюл жол м-н тартылган сүрөт, гравюра. Басуу формасы (*клише*) жыгачка кол м-н оюп даярдалат. Мында бийиктен



Ксилография. Харунобу Судзуки. «Эки кыз каздар менен». 18-к.

басуу сыяктуу (к. *Басуу*) сүрөттөн кагазга түшүрүлө турган элементтери бир тегиздикте болуп, ал эми түшүрүлбөй турган болүгү оюлуп алынып түшүрүлөт. Бийик элементтерге боёк жугуп, андан кагазга басылат. К. жолу м-н даярдалган формадан гальвано-клише алынат. Полиграфияда К. китеп-журналдарга көркөм сүрөттөрдү тартуу үчүн колдонулат.

КСИЛОФО́Н (*ксило...* ж-а *...фон*) – муз. урма аспап. Ал Европада 19-к-дан белгилүү. Ансамблдерде, опералык ж-а симф. оркестрлерде, жеке да ойнолот. К. торт катар тик жайгашкан, иреттүү күүгө келтирилген түрдүү узундуктагы жыгач кесиндилеринен турат. Жыгач балкачалар м-н урулуп ойнолот. Алар түрдүү коломдо болот. К-дуи маримба ж-а тубафон ж. б. түрлөрү бар. Көп элдерде, айрыкча Африкада, Түш.-Чыгыш Азияда, Латын Америкасында тараган.



КУА́ЛА-ЛУ́МПУР – Малайзиянын борбору, шаар. Федерация аймагы статусуна ээ. Селангор штатынын адм. борбору. Малакка ж. а-ынын түш.-батыш болүгүндө жайгашкан. Калкы 1,6 млн (2009; шаар. агломерациясында 7,6 млн). Жолдор тоому. Эл аралык аэропорттору бар. К.-Л-дун дениз аба порту Келанг (2007-ж. 133,5 млн *т* жүк ташыган). Өлкөнүн экон., саясий, ил. ж-а маданий борбору. Кытай калай казуучулары тарабынан 1857-ж. негизделген. 19-к-дын 80-жылдарында шаарга айланган. 1946–57-ж. Англия эзелги Малайя Союзунун (1948–57-ж. Малайя Федерациясы), 1957–63-ж. коз каранды эмес Малайя Федерациясынын, 1963-жылдан Малайзиянын борбору. 2001-ж. К.-Л. «улуттук жана мыйзам чыгаруучу борбор» статусун алган. Металл иштетүү, жыгаччылык, тамак-аш о. ж. ишканалары иштейт. Каучук иштетилет. К.-Л. өлкөнүн информ. технологиясынын башкы борбору. Ири 40 авиакомпания (а. и. «Malaysia Airlines», туристтик маршруттарга адистештирилген) иштейт. Дүйнөдөгү эң бийик имарат Эгиз мунара жө Петронас комплекси (бийикт. 452 *м*, 88 кабат) ушул шаарда жайгашкан. Анда конуро (48-кабатта), телемунара (421 *м*; бийикт. б-ча дүйнөдө 4-орунда), айланып жүрмө ресторан, обсерватория бар. Чаньцзясы кытай храмы, Масжид Жамек мечити (индомоңгол стилинде), Шри-Махамариамман индуисттер храмы, Дайябуми комплекси (араб-византия стилинде), готика стилиндеги Ыйык Мария чиркөөсү, султан Абдул Самаддын ак сарайы (саат мунарасы м-н, бийикт. 30 *м*), Истана Негара (Малайзия королунун расмий резиденциясы), Чайнатаун, табигый парктар (а. и. орхидея, гибискус өстүрүлүп, кополок, куштар ж-а эликтер мекендейт) сакталган. К.-Л-дан түндүктө дүйнөдөгү эң ири Бату-Кейве үңкүр храм комплекси (1891; бийикт. 47 *м* скульптурасы м-н) жайгашкан. Бул жерде жыл сайын «Тайпусам» (диний) фестивалы өткөрүлүп турат. Ун-ттер (а. и. эл аралык ислам), ИИИлер, улуттук ж-а калк китепканалары, театрлар, музейлер (Мэйбанка нумизматика, каучук), сүрөт галереясы (кол өнөрчүлөрдүн эң баалуу буюмдары, калай идиштер) бар. Шаарда эл аралык ар кандай турнирлер, «Формула-1» авто ж-а моторлуу кайыктар жарышы өткөрүлүп турат. Туризм өнүккөн.

Р. Карачалова.



Шаардын бир болүгү.

КУБ (гр. kýbos, лат. cubus) – 1) грандары бири-бирине барабар 6 квадраттан турган тик бурчтуу *параллелопипед*. К. параллелопипеддин бардык кассиеттерине ээ. К-дун оз ара перпендикуляр 12 кыры, оз ара перпендикуляр 3төн кыры келип кошулган 8 чокусу болот. К. диагоналдары кесилишип өткөн борб., 9 октук, 9 тегиздиктик симметрияга ээ. Карама-каршы жаткан грандарынын борболору аркылуу өткөн түз сызык же бир гранда жатпаган карама-каршы эки кырынын ортолору аркылуу өткөн түз сызык К-дун симметрия огу болсо, каалаган эки симметрия огу аркылуу өткөн тегиздик К-дун симметрия тегиздиги болот. Кыры *a* болгон К-дун диагоналы $a\sqrt{3}$, толук бети $S_{т.б.}=6a^2$, көлөмү $V=a^3$деп табылат. К-га ичтен сызылган сферанын радиусу $r=a/2$ болсо, ага сырттан сызылган сферанын радиусу $R=\frac{a\sqrt{3}}{2}$ ге барабар. К. кээде туура *гексаэдр* деп да аталат. 2) *a* санынын үчүнчү даражасы $a \cdot a \cdot a = a^3$ өлчөп сандын К-у деп аталат.



КУ́БА, Куба Республикасы – Латын Америкасындагы мамлекет, аймагынын аянты ж-а калкынын саны б-ча Кариб денизинин алабындагы эң ири өлкө. Куба, Хуventуд ж. б. Чоң Антил а-идагы 1600дөн ашык аралдар тобунда (Лос-Колорадос, Сабана, Камагуэй, Хардинес-де-ла Рейна, Лос-Канарреос архипелагдарында, Сан-Фелипе ж. б. аралдарда) жайгашкан. Чыгышында Атлантика океаны, түштүгүндө Кариб денизи м-н чулганат. Түн. Америкадан батышында Юкатан, түндүгүндө Флорида кысыктары аркылуу болуңот. Аянты 110,88 мин км². Калкы 11,45 млн (2009). Борбору – Гавана. Расмий тили – испан тили. Акча бирдиги – песо. Адм.-айм. жактан 169 муниципияга болүнгөн 14 провинциядан турат; а. и. Хуventуд а. борборго баш ийген атайын муниципия болуп саналат (к. таблицаны).





К. – БУУнун (1945), Бейтараптык кыймылынын (1961), «77 тобунун» (1964), Кариб өлкөлөрү уюмунун (1994), Бүткүл дүйнөлүк соода уюму-

Администрациялык-аймактык бөлүнүшү (2007)

	Аянты, км²	Калкы, миң	Адм. борбору
Провинция			
Вилья-Клара	8,41	809,2	Санта-Клара
Гавана	5,73	740,0	Гавана
Гавана шаары	0,72	2156,6	Гавана
Гранма	8,37	833,6	Баямо
Гуантанамо	6,17	511,1	Гуантанамо
Камагуэй	15,62	783,4	Камагуэй
Лас-Тунас	6,59	533,1	Лас-Тунас
Матансас	11,80	684,3	Матансас
Ольгин	9,29	1035,7	Ольгин
Пинар-дель-Рио	10,90	731,2	Пинар-дель-Рио
Санкти-Спиритус	6,74	464,2	Санкти-Спиритус
Сантьяго-де-Куба	6,16	1044,7	Сантьяго-де-Куба
Сьего-де-Авила	6,78	421,0	Сьего-де-Авила
Сьенфуэгос	4,8	402,1	Сьенфуэгос
Атайын муниципия Хувентуд аралы	2,42	86,5	Нуэва-Херона

нун (1995), Латын Америка интеграция ассоциациясынын (1999), «Биздин Американын элдеринин Боливар альтернативасынын» (2004), «Рио тобунун» (2008) мүчөсү.

Мамлекеттик түзүлүшү. К. – унитардык мамлекет. К-нын Конституциясы 1976-ж. 15-февралда кабыл алынган. Башкаруу формасы – соц. республика. Мамл. бийликтин жогорку органы – бир палаталуу парламент (Элдик бийликтин улуттук ассамблеясы), 609 депутаттан турат, 5 жылга шайланат. Ал Мамл. кеңешти (31 депутат) түзөт. Мамл. кеңештин төрагасы мамлекетти ж-а өкмөттү жетектейт. Аткаруу ж-а адм. бийликтин жогорку органы – Министрлер кеңеши. Саясий партиясы – Куба Коммунисттик партиясы.

Табияты. Жээк сызыгынын жалпы уз. 3735 *км*, өтө тилмеленген (айрыкча Кариб деңизинин аралдары), 200гө жакын булуң-буйтка бар; ирилери: Батабано, Ана-Мария, Гуаканаябо. Мангр токойлуу жээктери арбын. Айрым аралдарынын жээктеринен 20–200 *м* аралыкта коралл (шуру) курулуштары кеңири таралган. Рельефи негизинен түздүктүү; Куба а-нын чет-жакасын, Пинос а-нын түштүгүн ж. б. жерлерин деңиздик аккумуляциялык ж-а абразия-аккумуляциялык, айрым жерлерин тектирлүү түздүктөр ээлейт. Өлкөнүн ички аймактарына дельта, эрозия-аккумуляциялык ж-а денудациялык түздүктөр мүнөздүү. Дөңсөөлөр ж-а тоолор К-нын аймагынын $^1/_3$ бөлүгүн ээлейт. Аралдарда горст массивдери, жал-калдык тоолуу дөңсөөлөр тизмектери созулуп жатат. Куба а-нын борб. бөлүгүндө терең тилмеленген Гуамуая массиви (бийикт. 1156 *мге* чейин, Сан-Хуан чокусу) жайгашкан. Бийик тоолору өлкөнүн түш.-чыгыш чет-жакасынан орун алган. К-нын эң бийик жери – өтө тилмеленген Сьерра-Маэстра тоосу (1974 *м*, Туркино чокусу) түштүктү жээктей созулуп жатат.

К. Антил-Кариб тектон. аймагынын Антил а. догосунун сегментинде жайгашкан. К-нын маанилүү кен байлыктары – никель ж-а кобальт кенташтары; кобальт кенташынын запасы б-ча дүйнөдө Конго Демокр. Бирлиги кийинки 2-, никель кенташыныкы б-ча Жаны Каледония ж-а Австралиядан кийинки 3-орунду ээлейт. Башка негизги кен байлыктары: жез, марганец, хромит, каолин, темир, [illegible], алтын, курулуш материалдары ж. б.

К. тропиктик климатынын алкакта жайгашкан, кышында түн.-чыгыш, жайында чыгыш-түн.-чыгыш пассаттарынын таасири тиет. Климаты мелүүн нымдуу, айрым жерлеринде (негизинен Куба а-нын түш.-чыгыш бөлүгүндө) мелүүн кургакчыл. Өлкөнүн климатына Гольфстрим жылуу агымы зор таасирин тийгизет, анын 2 тармагы К-нын бүт аймагын жыл бою чулган агат, ошондуктан өлкөнү чулган турган суунун бетинин темп-расы кышында 26–27°С, жайында 28–30°С. Январдын орт. темп-расы 20–22°С, июлдуку 27–29°С. Эң төмөнкү темп-ра түндүктөн кирген муздак аба массасына байланыштуу, ал 5°Сден төмөндөбөйт; эң жогорку темп-ра 40°Сге чейин көтөрүлөт. Жылдык жаан-чачыны түздүктөрдө 1000–1200 *мм*, тоолордо 2200 *мм*ге чейин. Дарыялары кыска ж-а суусу аз. Эң ириси – Кау-



Кариб деңизинин жээги.

то д. (уз. 370 *км*) Сьерра-Маэстра тоосунан башталат. Дарыялары негизинен жамгыр сууларынан куралат. Агымынын 80%ке жакыны күзгө туура келет. Нуктары босоголуу. Карсттуу аймактарда жоголуп кеткен ж-а жер астындагы агын суулар кездешет.

Колониялаштырууга чейин К-нын аймагынын 50%тен ашык аянты токой м-н капталган, азыр ал 10%ти гана ээлейт. Токой негизинен тоолордо ж-а саздак жерлерде сакталган. Түздүктөрдүн ж-а тоо капталдарынын этектеринин кызыл ж-а кызыл-күрөң топурактарында жалбырагы



Кубанын борборлук бөлүгүнө мүнөздүү түздүктүү (король пальмалуу) ландшафт.

күбүлмө ж-а дайыма жашыл түрлөргө бай (а. и. король ж-а кана пальмасы) тропик токою өсөт. Батышындагы (Пинар-дель-Рио провинциясында) ж-а чыгышындагы (Нипе-Баракоа массивинде), Пинос а-нда ж. кургакчылыраак ж-а таштак топурактарында кызыл карагайлуу токойлордун ири массивдери кездешет. Айрым жерлерин (Кауто д-нын алабы) кылкандуу саванна тибиндеги өсүмдүктөр ээлейт. Түш.-чыгыш жээктерине ж-а айрым башка жерлерге кактус, агава аралаш өскөн тикендүү майда жалбырактуу бадалдар жамааттыгы мүнөздүү. Аймакты өздөштүрүү процессинде негизинен түздүктөрдүн токою кыйылып кеткен. Токойду тазалоодо дарактардын айрымдары, а. и. король пальмасы сакталып калган, ошондуктан түздүктөрдүн азыркы ландшафты пальмалуу саваннаны элестетет. Король пальмасынын сүрөтү өлкөнүн улуттук гербинде тартылган. Түздүктүү жээктерине мангр токою мүнөздүү. К-нын флорасынын 50%тен ашыгы эндемиктер.

Антропогендик таасирден (токойдун кыйылып кетиши, алардын ордун тамеки, бал камыш плантацияларынын, маданий жайыттардын ээлеши ж. б.) К-нын табигый ландшафты кыйла жапа чеккен. Токойду калыбына келтирүү б-ча ургаалдуу чаралар көрүлүүдө. Өлкөнүн уникалдуу экосистемасын сактоо максатында коргоого алынган аймактардын тармагы уюшулган. Уникалдуу деңиз фаунасын сактоо үчүн Куба а-нын тегерегиндеги аралдар ж-а коррал (шуру) рифтери бүт резерват деп жарыяланган. Варадеро, Сьерра-Маэстра улуттук парктары, Баня-де-Наранхо, Ла-Менсура табият парктары, Эль-Кабо, Купеяль коруктары, Хувентуд а-ндагы Сан-Фелипе коругу ж-а Пунта-Франсэс деңиз паркы уюшулган. Коргоого алынган 6 аймак ЮНЕСКОнун биосфералык резерваты статусуна ээ. *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине Александр Гумбольдт, Гранма, Виньялес өрөөнү улуттук парктары кирген.

Калкы. Калкынын көбүн кубалыктар түзөт. О. эле гаитиликтер, кытайлар, инди-пакистандыктар, орустар ж. б. жашайт. 20-к-да калктын саны 7 эсе өскөн (1899-ж. 1572 миң; 1980-ж. 9638 миң). Төрөлүү кыскарууда (1965-ж. 1000 адамга 34,3 бала; 2007-ж. 10,0 бала); өлүм-житим туруктуу (2007-ж. 1000 адамга 7,3). 1980-жылдардан калктын курактык структурасында 15 жашка чейинки балдардын саны кыйла кыскарган (1981-ж. 30,3%; 2007-ж. 18,4%), 60 ж-а андан улуу курактагылардын саны өскөн (1981-ж. 10,9%; 2007-ж. 15,9%). Өмүрдүн күтүлгөн орт. узактыгы 77,97 жыл (эркектердики – 76,0, аялдардыкы – 80,02 жыл). 100 аялга 100,3 эркек туура келет. Калктын миграциясы 2000-жылдардан туруктуу (2007-ж. 1000 адамга 2,9). Башка өлкөлөрдө (негизинен АКШда) 1,3 млндон ашык кубалык жашайт. Калкынын орт. жыштыгы: 1 *км²* жерге 37,4 адам туура келет. Эң жыш жайгашкан жерлери: Гавана ж-а ага чектеш жерлер (Гавана шаары провинциясынын калкынын орт. жыштыгы 1 *км²* жерде 2995,3 адам, Гавананыкы 129,1 адам), өлкөнүн чыгыш бөлүгү (Сантьяго-де-Куба провинциясында 169,6 адам, Ольгин провинциясында 111,5 адам). Калк сейрек отурукташкан жерлери: Хувентуд а. (1 *км²* жерде 35,7 адам) ж-а архипелагдагы майда аралдар (1 адамдан аз). Урбанизация өтө жогору: шаар калкы 75,6% (2007). К-нын калкынын 60%ке жакыны католиктер. Ири шаарла-



Гавана шаарынын көрүнүшү.

ры (2009): Гавана (2,2 млн, шаар айланасы м-н 2,6 млн), Сантьяго-де Куба (443,6 миң), Камагуэй (309,8 миң), Ольгин (291,6 миң), Гуантанамо (221,4 миң), Санта-Клара (219,7 миң). Экон. активдүү калкы 6721,3 миң адам (2007), анын 4754,6 миңи экономикада эмгектенет. Тейлөө чөйрөсүндө 63,4%и (анын 12,7%и соода, ресторан, мейманкана иштеринде, 40,9%и илим, билим, саламаттыкты сактоо, социалдык чөйрөдө, 5,8%и транспорт ж-а байланышта), 20%и айыл, токой чарбаларында ж-а балык кармоодо, 11,5%и ө. ж-да, 5,1%и курулушта иштейт.

Тарыхы. К. аймагынан (Ольгин провинциясы, Маяри д-нын жээктери ж. б.) адамзат тарыхынын эң байыркы эстелиги – Левиса 1 (7-катмары мындан 5140, 6-катмары-4240 ж-а 4150 жыл мурда), Себоруко ж-а Мелонес (б. з. ч. 6-5 миң жыл), Пикимачай (Перу, б. з. ч. 12 миң жыл), Ахуэреадо (б. з. ч. 10–6,8 миң жыл) ж-а Эль-Риего (б. з. ч. 6,5–5 миң жыл) ж. б. тургун

КУБА



жайлары, эмгек куралдары табылган. Б. з. ч. 4 миң жыл мурда К. аймагын индейлер мекендеген. Х. Колумб Куба а-н ачканда (1492) калктын саны 100дөн 200 мин кишиге чейин жеткен. 1511-ж. Д. Веласкес де Куэльяр жетектеген испандар К-ны карата баштап, жерг. калкты аёосуз кырган. 1512–15-ж. испандар Асунсьон (азыркы Баракоа), Сан-Сальвадор-де-Баямо (азыркы Баямо), Сантьяго-де-Куба, Сан-Кристобаль-дела-Абана (Гавана) ж. б. шаарларды негиздеген. 1512–39-ж. испандар К-ныи алтындарын ташып кеткен соң, ал жерде мал ж-а плантация (кант, тамеки) чарбалары пайда болгон (1570). Плантацияларда Африкадан алынып келген кул-негрлер иштешкен. 1596-ж. К. генерал-капитандык статуска ээ болгон. Испан баскынчылары өлкөнүн аймагын бөлүп алууну негизинен 17-к-дын ортосунда аяктаган. Испандарга каршы жерг. калктын көтөрүлүштөрү ырайымсыздык м-н токтотулган. 1762–63-ж. Жети жылдык согуштун (1756–63) жүрүшүндө Гавананы англистер басып алып, К-га эркин соода жүргүзүү тартибин киргизген соң, испандык бийлик кубалык плантаторлордун укуктарын кеңейтүүгө аргасыз болгон. Европа, өзгөчө Франция ж-а АКШ өлкөлөрү м-н соода жүргүзүү К-ныи экономикасынын жогорулашына мүмкүндүк берген. Испаниянын К-га тамеки монополиясын алып таштап (1817), эркин сооданы кеңейтүү (1818) ж. б. жеңилдиктерди бериши плантация чарбаларын гүлдөтүп, испан үстөмдүгүн жактагандардын абалын жакшырткан. 1820-жылдардын башында метрополия саясий жеңилдиктерди берүүдөн баш тарткан. 1820–50-жылдары К-да реформисттик кыймыл кеңири жайылып, кулчулукту алып салууну талап кылышкан. 1830–40-жылдары К-да алгачкы тамеки ж-а сигарета чыгаруучу ф-калар пайда болуп, кант өндүрүшү, тоо кен ө. ж. өнүккөн, т. ж. салынып, куюу устаканалары курулган. 1860-жылдары алгачкы жумушчу уюмдары (Гавана тамекичилер ассоциациясы ж. б.) түзүлгөн. 1868-ж. 10-октябрда К-да К. М. де Сеспедестин жетекчилиги м-н испан үстөмдүгүнө каршы куралдуу көтөрүлүш башталган. Бул кийин он жылга созулган (1868–78) улуттук-боштондук согушка айланган. Анын жүрүшүндө испандар өлкөнү башкаруу системасын өзгөртүүгө ж-а кулдарды бошотууга убада берген. 1886-ж. К-да кулчулук жоюлган. Кулчулуктун жоюлушу ө. ж-дын өнүгүшүнө түрткү берген. К-ныи негизги соода өнөктөшү АКШ болгон. 1880-жылдары К-да улуттук-боштондук кыймыл күч алып, 1895-ж. 24-февралда Орьенте провинциясында куралдуу көтөрүлүш чыккан. Ага Х. Марти ж-а Куба рев-ячыл партиясы (КРП; 1892-ж. АКШда негизделген) жетекчилик кылган. 1895-ж. 16-сентябрда Химагуаю ш-нда (Камагуэй провинциясы) Конституциялык ассамблея К. респ-ныи көз карандысыздыгын жарыялаган. С. Сиснерос президенттикке, Х. М. Гомес ж-а А. Масео Боштондук армиясынын жетекчилигине шайланган. 1897-ж. Конституциялык ассамблея конституциянын өзгөртүлгөн текстин бекитип, Б. Масо президент болуп шайланган. 1897-ж. көтөрүлүшчүлөр К-ныи көпчүлүк аймактарын көзөмөлдөп, испан аскерлери порт шаарларында гана калган. 1898-ж. АКШ өкмөтү Боштондук армиясынын ийгиликтерин өз максатына пайдалануу м-н Испанияга каршы согушуп [к. *Испания-Америка согушу (1898)*], испандар толук талкаланган. Париж тынчтык келишиминин (1898) шарты б-ча Испания К-га болгон укуктарынан баш тартып, Куба амер. аскер администрациясынын көзөмөлдүгүнө өткөн. 1899-ж. АКШ К-ны оккупациялап, КРП ж. б. улуттук-боштондук уюмдарын, о. эле Боштондук армиясын таркатып, 1903-ж. К-ны жарым колонияга айландырган. 1923-ж. Х. А. Мельинин жетекчилиги м-н К-да жаштар ж-а студенттердин кыймылы кулач жайган. 1925-ж. Гаванада Куба коммунисттик партиясы (КПК) ж-а Куба жумушчуларынын улуттук конфедерациясы (КЖУК) негизделген. 1925 ж. АКШнын колдоосу м-н К. президенттик генерал Х. Мачадо-и-Моралес келген. Ал өкүрөр диктатурасын орнотуп, жазалоону күчөтүп, КПК ж. б. саясий партиялардын ишине тыюу салган. Натыйжада КПК ж. б. саясий уюмдар 1933-ж. Х. Мачадо диктатурасын кулатууга (1933), башында К. М. де Сеспедес турган өкмөт түзүлүп, профсоюздар м-н партиялар аракетке чыккан. 1933-ж. 4-сентябрда Ф. Батистага жетектеген «сержанттар» кутуму бийликке Р. Грау Сан-Мартиндин Убактылуу рев-ялык өкмөтүн алып келген. Жаңы өкмөт прогрессивдүү кайра түзүүлөрдү (8 саат-тык жумуш күнүн киргизүү, жумушчу уюмдарын таануу, электр энергиясына, газга, сууга ж-а телефонго болгон бааны арзандатуу ж. б.) жүзөгө ашырган. 1940-ж. Ф. Батиста президенттикке шайланып, СССР м-н дипл. мамилелерди түзгөн. 1941-ж. К. АКШга удаа эле Япония, Германия ж-а Италияга согуш жарыялап, АКШны аскердик-стратегиялык сырьё, жаңы аскер-деңиз ж-а аскер-аба базалары м-н камсыз кылган. Р. Грау Сан-Мартин (1944–48) ж-а К. Прио Сокаррастын (1948–50) өкмөттөрү жүргүзгөн реформалардын ото кашандыгы. К-ныи 1950–53-ж. Корея согушуна АКШ тарапта катышышы элдик нааразылык туудурган. 1952-ж. президенттик шайлоо алдында КЭП ж-а анын лидерлери Э. Чибас м-н Р. Аграмонте эл арасында белгилүү боло баштаган. Шайлоодо жеңилип калуудан чочулаган генерал Ф. Батиста 1952-ж. 10-мартта аскердик төңкөрүш жасап, бийликти басып алган. Ал ички реакция м-н АКШнын жардамына таянып, аскердик-полициялык диктатура орноткон. Анын бийлиги демокр. эркиндикти жок кылып, оппозициялык күчтү куугунтуктаган. 1952-ж. Ф. Батиста СССР м-н дипл. мамилени үзгөн. Ф. Батистанын саясаты кеңири массанын кыжырдануусун туудуруп, нааразычылык күчөгөн. 1955-ж. Ф. Батистанын диктатурасын кулатуу максатында башында Ф. Кастро Рус турган «26-июль кыймылы» аскердик-саясий уюму түзүлгөн. К. Кастро командачылык кылган отряд 1956-ж. К-га келип, куралдуу күрөш баштаган (к. *Куба революциясы*). 1959-ж. 2-январда Гаванада Рев-ялык өкмөт түзүлүп, Ф. Кастро Рус өкмөт башчылыгына шайланган. 1959-ж. 8-февралда өлкөнүн жаңы Конституциясы кабыл алынып, агрардык реформа жүргүзүлгөндүктөн, латифундия системасы жоюлган. 1960-ж. ири ишканалар (а. и. амер. компаниялар) ж. б. мамлекеттештирилген. 1960-ж. сов.-кубалык дипл. мамилелер калыбына келтирилген. 1961-ж. «26-июль кыймылы», КЭСП ж-а «13-марттагы революциялык директорат» кыймылдары биригип, Бириккен рев-ячыл уюм (БРУ) түзүлгөн. Ал 1965-ж. октябрда К. коммунисттик партиясы (КПК) деп аталып, КПК БКнын 1-секретарлыгына Ф. Кастро Рус дайындалган. К. элинин рев-ячыл жеңиштерин жок кылууга умтулган АКШ өкмөтү оппозициялык күчтү колдоп, К-га экон. тоскоолдуктарды жасап, аны м-н дипл. мамилесин үзгөн (1961). 1961-ж. 14-апрелде Ф. Кастро К. рев-ясын «социалисттик» деп жарыялаган. Кариб кризисин (1962) жөнгө салууда АКШ К-ныи кол тийбестигине кепилдик бергени м-н экон. басым көрсөтүүнү улантканы. Агр. 2-реформанын (1963-ж. октябрь) натыйжасында жеке менчик чарбалар кыскарып, ө. ж. ишканаларын мамлекеттештирүү аяктаган (1968). Транспорт ж-а энергетика өнүгүп, жаңы ө. ж. тармактары пайда болгон. 1975-ж. КПКнын 1-съезди откөрүлүп, өлкөнүн негизги мыйзамы (1976) кабыл алынган. Элдик бийликтин улуттук ассамблеясы (ЭБУА), Мамл. кеңеш ж-а Министрлер кеңеши түзүлгөн. Мамл. кеңештин, Улуттук коргоо кеңешинин ж-а Министрлер кеңешинин торагалыгына Ф. Кастро Рус дайындалган. К. өкмөтү 1960-жылдары Америкага каршы күрөшүп, Латын Америка, Африкадагы көтөрүлүштөрдү ж-а улуттук-боштондук кыймылдарды колдогон. 1980-жылдардын башында К. экономикасы кризиске учураган. К. өкмөтү кризистен чыгуу үчүн реформаларды жүргүзүп, Конституцияга өзгөртүүлөр киргизилген. 1993-ж. К. өкмөтү АКШ долларын пайдалануурга жол берген. Дыйкандар, кооперативдер ж-а мамл. формалар а. ч. продукцияларынын ашыгын эркин сатууга мүмкүнчүлүк алышкан. 1995-ж. сентябрда Улуттук ассамблея бекиткен «Чет элдик инвестициялар жөнүндө» мыйзам б-ча чарбанын бардык тармактарында чет мамл. капитал колдонула баштаган. 1994-ж. АКШ м-н К-ныи ортосундагы соода мамилелери жакшырып, бирок саясий чойрөдө карама-каршылыктар жокко салынган эмес. 2002-ж. АКШ президенти Ж. Г. У. Буш К-га каршы санкцияларды оордоткон. Буга жооп катары К. өкмөтү 2004-ж. ноябрда расмий түрдө АКШ долларын К-га пайдалануурга тыюу салган. 2006-ж. 31-июлда ден соолугуна байланыштуу КПК БКнын 1-секретары, Мамл. кеңештин ж-а Министрлер кеңешинин торагасы Ф. Кастро Рус кызматын иниси Р. Кастро Руска тапшырган. 2005-ж. декабрда Барбадос а-нда Кариб мамлекеттеринин лидерлери жолугушуп, К. м-н АКШнын ортосундагы чыр-чатакты чечүү ж-дө маселени талкуулашкан. 2008-ж. 29-октябрда БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 63-

сессиясында АКШнын К-га каршы экон., соода ж-а финансы блокадасын токтотуу ж-дө маселе каралган. БУУнун Генералдык Ассамблеясынын бул резолюциясына 185 мамлекет макул болуп, 3 мамлекет (АКШ, Израиль ж-а Палау) каршы чыккан. К. жетекчилеринин пикирлери б-ча АКШдагы президенттик шайлоодо Б. Обаманын жеңиши эки өлкөнүн ортосунда диалог үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачты.

Чарбасы. СССР ж-а Чыгыш Европа өлкөлөрү м-н экон. байланышы үзүлүп, экспорттук негизги продукция болгон кант нефтиге ж-а нефть продукцияларына алмашылбай калгандыктан, өлкөнүн экономикасы кризистик абалга жеткен. 2000-жылдардын ортосунда өлкөнүн экономикасынын негизин чет өлкөлүк туризм ж-а никель өндүрүшү түздү. Келечекте жогорку технологиядагы жаңы өндүрүштөрдү өнүктүрүү биотехнол., фармацевтикалык тармактар м-н байланыштуу; Латын Америкасындагы ж-а Кариб деңизинин алабындагы өлкөлөр м-н байланыштар кеңейүүдө. Чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу өлкөнүн негизги экон. саясаты бойдон калууда; чет өлкөлүк (негизинен канадалык, кытайлык, венесуэлалык, батыш европалык) капитал катышкан 250дөй биргелешкен ишкана ж-а экон. ассоциация, 1997-жылдан борб. региондо 3 эркин экон. зона иштейт. ИДПнин көлөмү 52,7 млрд песо (2007). Адамзат өнүгүүсүнүн индекси 0,860 (дүйнөдөгү 182 өлкөнүн ичинен 51-орунда; 2007). ИДПнин структурасында тейлөө чөйрөсүнүн үлүшү (а. и. курулуш, транспорт, байланыш) 69,3%, ө. ж-ныкы 26,1%, айыл, токой чарбаларыныкы ж-а балык уулоонуку 4,6%. Калктын реалдуу кирешеси өтө төмөн; чет өлкөлөрдө жашаган кубалыктардын финансылык жардамынын (жылына 1 млрд доллар) мааниси зор.

Ө. ж. продукциясынын өсүүсү 2,5% (2007). Никель ж-а өнүгүп бараткан нефть өндүрүү ө. ж. тармактарынын, о. эле тамак-аш ө. ж-нын экспортко багытталган айрым өндүрүштөрүнүн (кант, ром, тамеки, мөмө-жемиш ж-а балык консерваларын чыгаруу) мааниси зор. 2007-ж. 3,5 млн *т* нефть өндүрүлгөн; негизги аймактары: Мексика булуңунун жээги, Кабайгуан ш-нан чыгыш тарапта. Нефть м-н кошо газ да (2007-ж. 1085 млн $м^3$) өндүрүлөт. Бул тармакты ж-а өлкөнүн жалпы чарбасын өнүктүрүү келечеги Мексика булуңунун жээгиндеги зонага ж-а өлкөнүн батышына байланыштырылат. Жалпы кубаттуулугу 130 миң *баррель/сутка* болгон нефть ажыратуучу 4 завод иштейт. Нефтини негизинен Венесуэладан алат. Электр станцияларынын аныкталган кубаттуулугу 4,5 миң *мВт* (2005). 2006-ж. 16,5 млрд *кВт·с* электр энергиясы өндүрүлгөн. Электр энергиясынын 75,6%тейи нефть м-н иштеген ЖЭСтен, 13,5%и газ турбиналуу ЖЭСтен, 10%и альтернативалуу булактардан, 0,9%и ГЭСтен өндүрүлөт.



Моа шаарындагы никель комбинаты.

Кара металлургиясы көмүр металл сыныктарын (анын кыйла бөлүгү импорттан алат) ж-а бир аз өз сырьёсун (2006-ж. 4 миң *т* темир кенташы казылып алынган) пайдаланат. Болот прокат ж-а металл конструкциялары Кариб деңизиндеги өлкөлөргө экспорттолот. Түстүү металлургияда валютанын негизги булагы болгон никель ө. ж-нын мааниси зор. Никелдүү концентраттарды өндүрүү (73,3 миң *т*) б-ча К. 6-орунду ээлейт (дүйнөлүк өндүрүштүн 16%и).Никель сырьёсу казылып алынуучу негизги аймак – Ольгин провинциясы. Үч ири никель комбинаты иштейт (Пунта-Горда-Абахо, Мао, Никародо). Хромит, кобальт Ольгин провинциясында (жылына 3 миң *т*дан), алтын Пинар-дель-Рио провинциясында (жылына 500 *кг*дай) казылып алынат. Машина куруу ө. ж. айыл чарба ж-а автомобиль техникасын тейлөөгө, о. эле түрдүү тетиктерди даярдоого багытталган. Заводдору Ольгин, Гавана, Матансас ш-нда жайгашкан. Гаванада түстүү телевизор кураштыруучу з-д, Сантьяго-де-Кубада мед. жабдуу чыгаруучу ишканалар, Санта-Клара ш-нда тиричилик техникалар з-ду, порт шаарларда кеме ремонттоочу ишканалар иштейт. Фармацевтика ө. ж. – К. индустриясынын жогорку технол. ж-а илим сыйымдуу артыкчылыктуу тармактарынын бири; ал түрдүү медикаменттерди, о. эле офтальмология ж-а стомотология үчүн приборлорду чыгарат (анын чордону – Гавана ш.). К. фармацевтикалык ж-а биотехнол. тармактардын продукцияларын 40тан ашык өлкөгө экспорттойт. Химия ө. ж. о. эле фосфор ж-а азот жер семирткичтерин, сорбитол, кир жуугуч каражаттарды чыгарат. Курулуш материалдар ө. ж. өз сырьёсу (табигый мрамор, цемент) м-н иштейт. Азыктүлүк импортко караганда көбүрөөк экспорттолот; негизгилери – кант м-н ром. Чийки канттын негизги бөлүгү (80%тен ашыгы) Европа өлкөлөрүнө экспорттолот. 2007-ж. 83,4 млн *л* ром даярдалган; анын 60%и экспорттолот, 20%тейин туристтер алып кетет. Ромдун 34 соода маркасы расмий катталган. Тамеки – К-нын дүйнөгө белгилүү экспорттук товары. 2007-ж. 411,9 млн даана сигара, 13,8 млрд даана сигарета чыгарылган. К. сигарасынын негизги кардарлары: Испания, Франция. Мөмө-жемиш, жашылча консерваларын, шире, сүт азыктарын, суусундук, пиво, кофе чыгаруучу ишканалары бар.

Өлкөнүн а. ч. ишканалары калктын этке (уй, чочко, куш этине), жумурткага, күрүчкө, жүгөрүгө, буурчакка, мөмө-жемиш ж-а жашылчага болгон муктаждыгын канааттандырат. Сырттан буудай (100%), арпа, сулуу, жашылчанын айрым түрлөрүн, о. эле кургак сүт, соя концентратын алат. А. ч-га жарактуу жери 6629,6 миң *га* (2006), анын 3124,3 миң *га*сы (а. ч-га жарактуу жердин 47,1%и) иштетилет, калганы (52,9%и) шалбаа ж-а жайыт. Бал камыш 1260,1 миң *га*, цитрус ж. б. мөмө-жемиш өсүмдүктөрү 169,2 миң *га*, банан 104,2 миң *га*, тамеки 65,2 миң *га*, шалы



Санкти-Спиритус провинциясындагы бал камыш плантациясы.

180,4 миң *га* жерди ээлейт. Экспорттук негизги өсүмдүктөрү: бал камыш, цитрус, ананас, кофе, тамеки, какао; керектелүүчү маанилүү өсүмдүктөр: шалы, банан, буурчак, мөмө тамырлуу өсүмдүктөр. Мал чарбасынын башкы тармагы – эт багытындагы уй чарбасы. 2006-ж. 3,74 млн уй, 1,76 млн чочко, 3,93 млн кой ж-а эчки, 29,85 үй кушу, 0,48 млн жылкы болгон; 54,8 миң *т* балык ж-а деңиз продуктулары, 5,8 миң *т* креветка кармалган. К. – бал (жылына 5 миң *т*га жакын) экспорттоочу дүйнөдөгү бирден бир өлкө.

Туризм – Куба экономикасынын алдынкы секторлорунун бири, андан түшкөн валютанын өлчөмү 2 млрд евродон ашык (2006). 2006-ж. К-га 2,2 млн турист келген; анын 54,2%и Түн. ж-а Түш. Америкадан, 43%и Европадан келгендер. Мейманкана инфраструктурасы, деңиздик деңсоолукту чындоо (пляжда эс алуу), спорттук (суу астында сүзүү, балык уулоо, яхтачылары тейлөө, деңиз саякаты ж. б.) туризми өнүккөн.



Пинар-дель-Рио провинциясындагы жаңы мал чарба комплекси.

Транспорттун негизги түрлөрү – автомобиль ж-а темир жолдору. Автомобиль жолунун жалпы уз. 63,2 миң *км*, анын 11,5 *км*и улуттук мааниде. Негизги автомобиль магистралы – Борб. шоссе (уз. 1140 *км*, өлкөнүн борб. бөлүгүн кесип өтөт), ага жарыш улуттук автострада курулууда (2009; долбоорлонгон уз. 1020 *км*). Т. ж-нун уз. 7182 *км*; Транскуба т. ж. магистралы (Гуане – Гавана – Санта-Клара – Камагуэй – Гуантанамо; уз. 900 *км*) өлкөнүн түндүгү м-н түштүгүндөгү негизги экон. борборлорду туташтырат. Өлкөнүн деңиз соода флотуна 33 кеме таандык; 35 деңиз порту бар. Ири порттору: Гавана, Сантьяго-де-Куба, Матансас, Сьенфуэгос, Нуэвитас. Эл аралык мааниде аэропорттору: Хосе Марти (өлкөдөгү эң ириси, Гаванада), Хуан Гуальберто Гомес (Варадеро), Хайме Гонсалес (Сьенфуэгос), Виталио Акунья (Кайо-Ларго), Франк Паис (Ольгин) ж. б.

Сырткы соода айлануусунун көлөмү 12,8 млрд доллар, анын 3,4 млрд доллары экспортко, 10,08 млрд доллары импортко таандык (2007). Экспорттун товардык структурасынын наркынын 56,7%и никелдүү концентраттарга, 6,4%и тамекиге, 5,5%и кант ө. ж. продукциясына, 2,2%и балыкка ж-а деңизден алынуучу азыктарга туура келет, импорттун товардык структурасында машина ж-а жабдуулар, нефть ж-а химия ө. ж. продукциялары, компьютер, оргтехника, азык-түлүк (дан ж-а ун кошо), текстиль ж-а булгаары-бут кийим басымдуулук кылат. Негизги соода шериктештери: Венесуэла, Кытай, Испания, Канада, Нидерланд, Германия, Россия.

Билим берүү системасы 2ден 5 жашка чейинки балдарды мектепке чейинки тарбиялоону,

Куба акчасы – песо.





милдеттүү 6 жылдык башталгыч, 3 жылдык негизги (толук эмес), 3 жылдык толук орто ж-а жогорку билим берүүнү камтыйт. Толук эмес орто мектептин базасында кесиптик-тех. окуу жайлар ж-а тармактык (матем., пед., спорт ж. б.) мектептер иштейт. Окуу билим берүүнүн бардык баскычтарында акысыз. Өлкөдө 9 миңден ашуун башталгыч, 2 миңдей толук эмес орто, 371 толук орто мектеби, 568 атайын тех. окуу жайлар, 60тан ашык ЖОЖ, 3 миңден ашуун ун-ттик борборлору бар (2007). Калктын сабаттуулугу 99,8% и түзөт (2006). Башкы ил. мекемелери (Куба ИА ж-а анын ин-ттары), ЖОЖдору, китепканалары, ири музейлери Гавана, Камагуэй ж. б. ш-нда жайгашкан.

Массалык-маалымат каражаттары. Жалпы элдик гезиттери: «Гранма» (450 миң нускада күн сайын чыгат, «Хувентуд ребельде», «Ванугардия», «Сьерра Маэстро», журналдары: «Боэмия», «Куба» ж. б. Ар бир провинция жерг. өз гезиттери бар. Басылмалардын көбү испан тилинде чыгат. Радиоуктуруусу 1922-жылдан, телекөрсөтүүсү 1950-жылдан иштейт. Мамл. маалымат агенттиги – AlN (1974). Гаванада латын-амер. Пренса Латина (PL, 1959) маалымат агенттигинин штаб-квартирасы жайгашкан.

Адабияты. К. ад-ты испан тилинде өнүгүүдө. К. ад-тындагы эң алгачкы чыгарма – С. Де Бальбоанын «Чыдамкайлар зерцалосу» (1608) поэмасы. 18-к-дагы көрүнүктүү чыгармалар – С. Питтин «Бакчачы-принц, же анткор Клоридано» (1733), Х. А. Кабалеронун публицистикалары, М. де Секейр-и-Аранго м-н М. Х. де Рубалькаванын ырлары. Х. М. Ф. Де Арратенин «Жаңы дүйнөнүн ачкычы, Батыш Индия форпосту» (1761) деген тарыхый-хроникасы белгилүү болгон. 19-к-дын башында публицистика Агартуу багытында өнүккөн (Ф. Варела, Х. А. Сако, Х. де ла Лус-и-Кабальеро). К. ад-тында романтизмдин башталышы Х. М. Эредианын чыг-лыгына байланыштуу. К. ад-ты колониализмге каршы боштондук кыймылдын таасиринде өөрчүгөн (Д. Дельмонте-и-Апонте, Г. де ла К. Вальдес, Ф. Поведа-и-Арментерос, Х. Ф. Мансано, Х. Х. Миланес, Ф. Танко). 19-к-дын 2-жарымында Х. Мартинин чыг-лыгы көрүнүктүү орун ээлейт. Ал рев-ячыл демокр. мазмундагы чыгармалары м-н К. ад-тында реализмге негиз салган. 1830–40-жылдары социалдык мотивдеги Х. Гомес де Авеляньеддин «Саб» (1841), «Сесилия Вальдес» (1882), С. Вильяверденин «Таш баканын жону» (1845) романдары жаралган. 1840–50-жылдары Х. А. Кинтеро, М. Теурбе Толон, Л. Турла, П. Сантасилиа, А. Акоста, Ф. Пичардо Мойя, Р. Педросо, М. Навваро Луна сыяктуу эмиграцияга кеткен акындар АКШ империализмине каршы багыттагы чыгармаларды жазышкан. 19-к-дын ортосунда прозада костумбризм калыптанган [Г. Бетанкур Сиснерос (Лугареньо), Р. де Пальма, Х. Бетанкур, Х. М. де Карденас-и-Родригес, Х. В. Бетанкур, А. Суарес-и-Ромеро, Б. Х. Креспо-и-Борбон ж. б.]. Эмиграцияга кеткен акындардын ичинде дүйнөгө аты белгилүү Н. *Гильен* болгон. Ал эмиграцияда жүрүп «Жер бийлиги» (1949), «Жоголгон издер» (1953), мекенине келип, «Агартуу доору» (1962) деген романдарды жазган. А. Карпентьердин чыгармалары Латын Америка ад-тында белгилүү орун ээлейт. 20-к-дагы белгилүү [illegible]ындар: Н. Гильен, Ф. Хамис, Р. Фернандес [illegible]амар, А. Альварес Бараганьо, Э. Диего: жаз[illegible]лар: Х. Соле Пуиг, М. Кофиньо, Лопес, Л. О[illegible] Г. Эгурен, Х. Травьесо, Э. Падиль, С. Сар[illegible] ж. б.

Архитектура жана сүр[illegible]искусствосу. Колониялык мезгилде (16–17[illegible]-к-да деңиз жээгиндеги шаарлар курула баш[illegible]ан (Гавана, Тринидад, Баямо). 1589-ж. Гаванада алгачкы Ла-Реаль-Фуэрса чеби курулуп бүткөн. 16–18-к-дарда Гавана, Сантьяго-де-Куба, Тринидад ш-лары барокко ж-а классицизм стилинде курулган. Гавана ж. б. шаарларда арх-ралык ансамблдер пайда боло баштаган: Капитанес-Хенералес сарайы (1776–92, архитекторлор П. Де Медина, С. Аварка, А. Фернандес Тревехос) ж-а Сегундо-Кабо сарайы (1770–92, Фернандес Тревехос), Гавана собору (1748–89, де Медина ж-а Фернандес Тревехос). 17–18-к-да таштан же жыгачтан



Сантиссима-Тринидад (Ыйык Троица) кафедралык собору. 19-к. Тринидад.

салынып, түркүктүү же колонналуу аркалар галереясы м-н курчалган ички короосу бар 1–3 кабат үйлөрдүн тиби пайда болгон. Үстү черепица м-н жабылып, сырты ар түрдүү түскө боёлгон. 19-к-дын ортосунан Гавана жаңыдан пландаштырылган, жашылдандырылган, классицизм духундагы үйлөр монументтер пайда болгон. 19-к-дын аягында необарокко (Гаванадагы «Гран театро», 1908–15), неоренессанс о. эле мавритан салтындагы (Сьенфуэгостогу дель-Валье сарайы, 1910) имараттар курулган. 19–20-к-дын *модерн* стилиндеги курулуштар салынган. 1902-жылдан кийин көркөм чыг-лык бардык тараптан өнүккөн. Борбордо банктар, мейманканалар; Гаванада ири комплекстер курулган: Фи-



«Гран театро». [illegible]ана.

нансы арбит[illegible]ынын имараты (1951–54, арх. А. Капабланк[illegible] стоматол. (1952–54) ж-а мед. (1956–58) бор[illegible]лор (арх. А. Кинтана ж. б.) ж. б. 1959-жылдан [illegible]ийин пландуу курулуш кучак жайып, темир-бетондон ири турак жай райондору курулган. 1960-жылдары Санта-Кларада («Сьенфуэгос» комплекси), Сантьяго-де-Кубада, Камагуэйде турак үйлөр, мектеп-интернаттар, медицина борборлору) курулуп, жаңы типтеги айыл-кыштактар салынып, жаңы ө. ж. арх-расы пайда болгон Санта-Клара, Хибара, Гаванада). Куба ИАнын борбору (1966) ж-а Улуттук иск-во мектебинин комплекси (1963) арх-ралык чечими м-н өзгөчөлөнөт (экөө тең Гаванада). Колониялык мезгилде живописте алтарга куюлуучу сүрөт ж-а портрет, о. эле гравюра өнүккөн. 1818-ж. Гаванада Сан-Алехандро көркөм иск-во мектеби түзүлгөн (1832-жылдан академия). Анын биринчи президенти фр. сүрөтчү Ж. Б. Вермей ампир салт портреттерди тарткан. Сан-Алехандро Академиясында К-нын алдынкы катардагы живописчилери окушкан, алардын көпчүлүгү Европага барууга стипендия алышкан. 19-к-да башкы жанр – портрет ж-а пейзаж болгон. Көрүнүктүү пейзажисттер (Э. Чартранд, Ф. Фернандес Кавада, Г. Клиневерк) К. жаратылышынын поэтикалык образын жаратууга умтулушкан. Графиктер В. П. Де Ландалусе, Ф. Миале чыгармаларында заманбап коом турмушун чагылдырышкан. Испан эзүүсүнөн бошогондон кийин тарыхый ж-а баталдык патриоттук картина (А. Менокаль), реалистчил жанрдык живопись (Л. Романьяч, Р. Лой), реалисттик скульптура (Х. Х. Сикре, Т. Рамос Бланко, Э. Бетанкур) өнүгө баштаган. 1920-жылдары жаңычыл живописчилер эл турмушун эмоциялуу, нукуралыгы м-н чагылдырышкан. 1930-жылдардын ортосунан живописчилер А. Пелаес, Марьяно, М. Карреньо, скульптор Д. Ревенет фольклорго каныккан жасалга композицияларын жаратышкан. Арх. Э. Родригес Кастелье, А. Кинтана, А. Капабланка имарат курулушуна жасалга живописин, скульптураны айкалыштырып, К. арх-расынын жаңы стилин түзгөн. Рев-ядан кийин (1959) К-да көркөм турмуш жанданган. Плакат, карикатура, журнал ж-а китеп графикасы өнүккөн. К. сүрөтчүлөрүнүн чыг-лыгында 20-к-дагы бардык ири агымдар – *абстракционизмден* поп-артка ж-а фотореализмге чейин пайда болгон. Белгилүү сүрөтчүлөрү: С. Кабрера Морено, Р. Мартинес, Т. Санчес Рекейро ж. б. Гаванада сүрөтчүлөр биенналеси өтүп турат.

Музыкасы. К-нын элдик музыкасы испан ж-а африка музыкасынын негизинде калыптанган. Африка-куба музыкасынын байыркы ыр-бий формасы – сон, гуарача, конга, кийинкиси – дансон, румба. О. эле креоль формасы пунто, гуахира, криолья (негизинен дыйкандар арасында) ж-а негр музыкасы (диний ырым-жырымдарга) тараган. 16–18-к-да профессионал музыканын очогу – чиркөөлөрдүн ыр мектептери болгон. К-дагы алгачкы музыканттардын бири – Сантьяго ш. кафедралык собордун органисти М. Веласкес болгон. 1776-ж. Гаванада театр курулуп, 1814-ж. муз. мектеп, 1816-ж. улуттук кадрларды даярдоочу «Санта-Сесилия» муз. академиясы ачылган. Г. Вильятенин романтикалык опералары Парижде («Цилия», 1877), Гаагада («Ханыша»), Мадридде («Валтасар», 1883) коюлган. 19-к-дын ортосунда М. Саумель-и-Робредо, кийинчерээк И. Сервантес Каванас улуттук композитордук мектепке негиз салышкан. Вокалдык жанрлар – кансьон, болеро, вилдиза трова белгилүү болгон. Кийинки муундагы композиторлор – Э. Санчес де Фуентес («Юмури» – улуттук сюжетте жазылган биринчи куба опорасы, 1898, Гавана), Х. Мари Эстеве («Күн», 1921, Гавана). 1920-ж. Гавана филармониясынын оркестри түзүлгөн. 1920–30-жылдарда сарсуэла өнүгүп белгилүү сарсуэлалардын авторлору – Г. Ройг, Э. Локуона, Ж. Пратс. Муз. мад-ттын жаңы өнүгүү мезгили 1959-ж. баштанган. 1960-жылдардын аягында салттык ж-а рок, жаз музыкаларынын негизинде «нуэва трова» (Куба рев-ясынын музыкасы) калыптанган. 1970-жылдары куба авангарддык агымы түзүлө баштаган, анын өкүлдөрү – Э. Ангуло, Х. Берроа, Х. Бланко, Л. Брауэр, Р. Валера, К. Фариньяс ж. б. композиторлор. Гаванадагы «Гран театродо» (1838), лирикалык театрда (1962), Камагуэйдеги «Театро принципаль» (1849) театрларында опералар ж-а балеттер коюлат. Гаванада Улуттук симф. оркестр (1960), Улуттук фольклордук ансамбль (1962), Улуттук хор (1959), Электр-акустикалык музыканын улуттук лабораториясы (1977), консерватория (1903, азыркы А. Вольдан атн.), Иск-во ин-туту (1976) иштейт. К. музыка ин-туту (1989) эл аралык фестиваллардын (элдик, жаз, хор, электрондук музыка, гитаристтердин) өткөрүп турат.

Театры. К. театр иск-восу испан мад-тынын таасиринде өнүккөн. Театрдын өзөгүн испан

ж-а африка элдик театр оюндарынын үлгүлөрү түзгөн. Колония мезгилде Гаванадагы менчик үйлөрдө испан авторлорунун диний ырым-жырым оюндары көрсөтүлгөн. 1733-ж. биринчи кубалык автор С. Питтин «Ханзаада – багбан же анткор Клоридано» комедиясы коюлган. 1776-ж. Гаванада биринчи «Колисео» (1803-жылдан «Театро Прициналь») театры ачылып, анда опера ж-а тонадилья м-н кошо испан драматургдарынын пьесалары коюлган. Актёр драматург Ф. Коваррубиас (19-к-дын башы) улуттук театрдын негиздөөчүсү болгон. 1838-ж. Гаванада «Такона» театры ачылган. Анда драма, опера ж-а балет спектаклдери коюлган. Кийин Сантьяго-де-Кубада «Театр де ла Рейна» (1850), Камагуэйде «Театро Принсипаль» (1849), Матансаса «Эстеван» (кийин «Сауто») Гаванада «Альгамбра» (1890) ж. б. театрлар негизделген. 1910-ж. «Театр коому», 1941-ж. драма өнөрү академиясы уюшулган. 1936-жылдан Гаванада «Куэва» театры иштейт. Демокр. улуттук театр өнөрү 1959-жылкы рев-я жеңгенден кийин гана өнүгө баштаган. 1950-жылдарда шаардык «Биздин заман» (К. С. Станиславский театрынын эстетикасы м-н иштеген) ж-а «Эстудио» (Б. Брехттин «Сезуандык боорукер адам» драмасы б-ча спектакль м-н ачылган) театрлары белгилүү болгон 1960-ж. Гаванада Улуттук театр түзүлгөн. Камагуэйде драма (1960), Пиналь де-Риодогу М. Горький атн. (1961), «Ориентир» драма (1961) труппалары 1970-жылдарда иштерин токтоткон. Улуттук куурчак театры (1963), Театр үйү иштейт. Жетектөөчү өнүткө «Эскамбрай» театры эз болгон, реж. С. Корьери кубалык драматургдардын бир актылуу пьесаларынан баштап, 1980–90-жылдарда У. Шекспир, Мольер, Ф. Гарсиа Лорканын чыгармаларын репертуарга киргизген. Көрүнүктүү театр ишмерлери: В. Ревуэльта, Р. Ревуэльта, М. Асаведо ж. б. болгон. 1980-жылдан Гаванада эл аралык театр фестивалы өтүп турат.

Киносу. 1897-ж. К-да хроникалык ж-а документалдык фильмдер тартыла баштаган. 1897-ж. франц. оператор Г. Вейре биринчи кубалык «Өрттү өчүрүү» (бир мүнөттүк) хроникалык-даректүү фильмин тарткан. Х. Касасустун биринчи кубалык даректүү ж-а жарнамалык тасмасы («Жоголгон сыйкырчы», 1898) чыккан. 1910-ж. Э. Д. Кеседа «Хуан Хосе», 1920-ж. Р. Пеон «Чындык» фильмин тарткан. 1930–40-жылдарда К-да көбүнчө АКШнын фильмдери көрсөтүлгөн. Улуттук кино өнөрү 1959-жылдан калыптана баштаган. Т. Г. Алеанын 1961-ж. «Революция жөнүндө баян», реж. Х. Г. Эспиносанын «Жаш көтөрүлүшчү» (1962-ж., Карлови-Вари ЭКФтин сыйлыгы) фильмдери рев-яга арналган. Испан эзүүсүнө каршы М. Актавио Гомес «Биринчи чабуул собор тараптан» (1969), К. аялдарынын тагдыры ж-дө У. Солас «Люсия» (1970) көркөм фильмдерин тарткан. 1970–80-жылдары аялдардын көз карандысыздыгына арналган: «Тересанын портрети» (П. Вега, 1979), «Белгилүү даражага чейин» (Гутьеррес Алеа, 1984), «Башка аял» (Д. Диаса Торреса, 1987) ж. б. фильмдер тартылган. 1980-жылдары экранга жаңы муундагы режиссёрлордун [illegible]нотасмалары чыккан: «Алмашуу» (Х. К. Та[illegible], 1984), «Давид үчүн колукту» (О. Рохас, 19[illegible]), «Алма сабагынан алыс түшпөйт» (Л. Ф. Бер[illegible], 1985) ж. б. 1990-жылдары Гутьерреса Але[illegible] «Кулпунай жана шоколад» (Берлин, ЭКФ [illegible]йл., 1993) фильми чет өлкөдө белгилүү бол[illegible]. 20–21-к-дын чегинде реж. А. Сотто («Тике[illegible]йүү», 1997; «Айыпсыз түн», 2007), Х. К. Кре[illegible]та («Вива – Куба», «Кичинекей качкындар»; Каниндагы ЭКФ сыйл., 2005). К-нын анимациялык киного Х. Падрон, Т. Рагги, М. Ривас чон салым кошкон. Гаванада 1959-ж. Кино өнөр жай ж-а кино искусство ин-ту түзүлгөн. 1979-ж. жыл сайын латын амер. жаңы кинолордун фестивалы өтүп турат.

Ад.: *Нуньес Хименес А.* География Кубы. М., 1960; *Давитая Ф. Ф., Трусов И. И.* Климатические ресурсы Кубы и их использование в народном хозяйстве. Тб., 1966; *Карпентьер А.* Музыка Кубы. М., 1962; Национальный атлас Кубы. Гавана, 1970; *Пичугин П. А.* Краткий очерк истории кубинской музыки//Музыкальная культура стран Латинской Америки. М., 1974; Культура Кубы. М., 1979; *Тананаева Л. И.* Очерки Кубинского искусства 16–20-веков. М., 2001; *Давыдов В. М.* Современная Куба: вопросы экономической адаптации и переориентация внешних связей. М., 2002.

КУ́БА АРАЛЫ – Вест-Индиядагы арал, Чоң Антил а. тобунун эң ириси. Аянты 105 миң *км*². *Куба* мамлекетинин негизги бөлүгү жайгашкан.

КУБАЕВ Борис Хамитович (13. 9. 1944-ж. т., РСФСР, Ставрополь крайы, Үч-Кулан айылы) – экономика илимд. доктору (1999), КРдин билим берүүгө эмг. сиң. кызматкери (2002). КМУну бүтүргөн (1967, 1977). КМУда окутуучу, декан, проректор, Кадрларды кайра даярдоо ж-а квалификациясын жогорулатуу ин-тунун директору (1996–2003), Билим берүүдө стратегиялык маалымат технологиясы ин-тунун ректору (2003–09), 2009-жылдан КР Билим берүү ж-а илим министринин орун басары. Эмгектери калктын жумушсуздук проблемасын изилдөөгө арналып, бир катар эл аралык конф-яларга катышкан, Америка ин-ту тарабынан «Кто есть кто: достижение XX века» аттуу биогр. маалымдамага киргизилген. В. Леонтьев атн. алтын медаль м-н сыйланган (2001, Москва).



Эмг. : Критерии рынка труда. Б., 2001; Малый и средний бизнес в Кыргызстане. Б., 2002; Основы рыночной экономики. Б. 2003.

КУБАКЫ – Кыргыз Ала-Тоосунун чыгышындагы ашуу. Орто-Токой, Байдамтал өрөөндөрүнүн чек арасынан орун алган. Кочкор ж-а Тоң р-ндорунун чек арасында. Бийикт. 2350 *м*. Ашуунун түн. капталы жантайыңкы, түштүгү тигирээк. Девон, карбондун кумдук, конгломерат, сланец, акиташ тектеринен түзүлгөн. Ашуу жыл бою ачык, Боом капчыгайынан Орто-Токой өрөөнүнө түшкөн автомобиль жолу (Бишкек – Кочкор тото [illegible]лу) өтөт.

КУБАКЫ КО[illegible]ОШУН КЕНИ Нарын обл-нун Кочкор р-ну[illegible]. Кочкор кыш-нын түн.-чыгышында, Кызы[illegible]Омпол тоосунун борб. бөлүгүндө. 1932-ж. таб[illegible]ан. Кен аймагын пермь мезгилинде пайда [illegible]гөн сиенит массиви түзөт. Алар аркылуу суб[illegible]фидиан багытында созулуп жаткан тектон. [illegible]рака өтөт. Кен ошол жаракадагы кварц-флюорит-сульфид тарамчаларында топтолгон. Кенташ тулкусу 55° бурч м-н чыгышка карай жантайын жатат. Уз. бир нече *км*ге созулат. Калыңдыгы 2–3 *м*. Негизги минералдары: галенит, сфалерит, халькопирит, гематит, барит, кварц, флюорит. Кенташ минералы – галенит. Ал чачынды түрдө тараган. Кенде коргошундан башка цинк м-н флюорит бар.

КУБАКЫ МОЛИБДЕ́Н КЕНИ Нарын обл-нун Кочкор р-нунда, Кочкор кыш-нын түн.-чыгышында, Кызыл-Омпол тоосунун түш.-батышындагы Кубакы ашуусунда. 1949-ж. табылып, 1950-ж. геол. иштер жүргүзүлгөн. Кен аймагында пермь мезгилинде жирен чыккан Кызыл-Омпол сиенит массиви жатат. Сиенитти майда кристаллдуу гранит-сиенит дайкалары жирен өткөн. Бул тектер аркылуу меридиан багытындагы тектон. жарака өтөт. Жарака аймагынын туурасы 300–400 *м*ге жетип, анда кварцтын 3 кыска тарамы кездешет. Тарамда флюорит, молибден, полиметаллдар топтолгон. Молибден минералы вульфениттен турат, андан башка гематит, сфалерит, халькопирит учурайт.

КУБАЛЫКТАР (өздөрүн к у б а н о с деп аташат) – эл, Кубанын негизги калкы. АКШ (1 млн), Канада (10 миң), Испания (20 миң) ж-а Латын Америка мамлекеттеринде да жашайт. Жалпы саны 12,4 млн киши, а. и. 11,2 млну Кубада (2008). Испан тилинде сүйлөшөт. Динге ишенгендеринин көпчүлүгү – католиктер, протестанттар ж-а африкалык-христиандык ар кандай синкреттүү динге ишенгендери да бар. К-дын этностук негизин абориген индейлери, испан келгиндери м-н кул катары Африкадан (16–19-к.) алып келинген негрлер түзгөн. К-дын улут болуп калыптанышына 30 жылдык (1868–98) улуттук-боштондук согуш, 1933-жылдагы рев-я, 1959-жылдагы элдик рев-я маанилүү этаптардан болду. К. дыйканчылык м-н кесиптенишип, дубалы пальма жыгачынан тургузулуп, үстү пальма жалбырагы м-н жабылган үйлөрдө жашаган. Эркектер кенен көйнөк, башына чий калпак, аялдар чыттан тигилген юбка, кыска күрмө кийип, түстүү жоолук салынат. Тамак-ашы негизинен күрүч, тоо буурчак, жүгөрү, жер-жемиштер, о. эле деңиз жээгинде жашагандар балык, моллюска, таш бака ж. б. пайдаланышат. Учурда калктын көпчүлүгү шаарда жашап, о. ж-да иштешет. Карнавал, короз чокуштуруу ж. б. элдик оюндары бар.



КУБА́НЬ – Ставрополь ж-а Краснодар крайлары аркылуу аккан дарыя. Уз. 870 *км*, алабынын аянты 57,9 миң *км*². Эльбрустан башталган Уллукам ж-а Үч-Кулан д-нын кошулушунан түзүлөт. Невинномысск ш-нан төмөн Кубань-Азов бою ойдуңуна чыгат. Азов деңизинин Темрюк булуңуна куярда дельтаны пайда кылат (аянты 4,3 миң *км*²). Негизги куймалары: Кичи Зеленчук, Чоң Зеленчук, Уруп, Лаба, Ак, Пшиш (сол). Суусунун орт. чыгымы Краснодар ш. тушта 393 *м*³/*сек*. Жайында суусу кирет. Жылына 7 млн *т* шиленди агызын келет. Лабанын чатынан баштап кеме жүрөт: жогорку бөлүгүндө сал агызылат. К-да Краснодар суу сактагычы курулган. Суусунун жарымы Невинномысск сугат каналы аркылуу Егорлык д-на (Дондун алабы) кошулат. Дельтасында балык өндүрүшү (судак, кара деңиз чабагы, осётр сымалдар ж. б.) бар. Боюнда Карачаевск, Черкесск, Невинномысск, Армавир, Новокубанск, Кропоткин, Усть-Лабинск, Краснодар ш., дельтасында Темрюк деңиз порту жайгашкан.

КУБАНЫЧ ҮЛҮЛДҮҮ АКИТАШ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нунда, Жалал-Абад ш-нан 17 *км* түш.-чыгышта, Чаңгет-Сай суусунун сол жээгинде, деңиз деңг. 1110–1190 *м* бийикте. 1984–85-ж. чалгындалган. Кендин аянты ортоңку палеогендеги (түркстан катмарчасы) доломиттешкен үлүлдүү акиташтан, гипстешкен чоподон ж-а тортүнчүлүк мезгилиндеги кумайлуу чоподон түзүлгөн. Үлүлдүү акиташ бири-биринен айырмаланган үч горизонттон турат. Жалпы калыңдыгы 9 *м*ден 15 *м*ге чейин өзгөрөт. Орт. тыгыздыгы 2,12 *г*/*см*³, көзөнөктүүлүгү 24,38%, суу сиңирүүсү 7,81%, үстүнөн бастырганда бектигинин чеги (кургак абалда) 46,96 *МПа*, сууга каныккан абалда – 38,95 МПа, жумшаруу коэфф. 0,83. Кесек бөлүнүшү 93,4%. Үлүлдүү

акиташ дубал курууга ж-а каптама катарында колдонууга жарамдуу. Доломиттешкен үлүлдүү акиташтын запасы А категориясы б-ча 203,7 миң $м^3$, В – 186,6 мин $м^3$, С – 599,7 миң $м^3$. Кумайлуу чопонуку – А+В – 658 миң $м^3$, $С_1$ – 510 миң $м^3$.

КУ́БА РЕВОЛЮЦИЯСЫ – элдик, антиимпериалисттик ж-а антифеодалдык рев-я (1956–59). Рев-янын чыгышына ири жер ээлеринин зомбулугу, элдин жакырланышы, укуксуздугу, улуттук экономикага АКШнын капиталынын кысымы ж. б. себеп болгон. Куба коомундагы карама-каршылык Батистанын коррупция диктатурасы орногондон кийин (1952) өзгөчө күч алган. Ушундай шартта Ф. *Кастро Рус* жетектеген жаштар тобу 1953-ж. 26-июлда Монкада аскер казармасына (Сантьяго-де-Куба ш.) кол салып, жеңишке жетпей, камакка алынган. Андан бошонгондон кийин (1955) алар Мексикага эмиграцияга кеткен. 1956-ж. декабрда Сьерра-Маэстра тоосунда Ф. Кастро, Р. Кастро ж-а аргентиналык Эрнесто Че Гевара башында турган рев-ялык топ түзгөн партизандык отряд бара-бара армияга айланып, чабуулга өткөн. 1959-ж. 1-январда Батистанын өкмөтү кулап, Убактылуу өкмөт бийликке келген. 1959-ж. февралда рев-ялык өкмөттүн башына Ф. Кастро келген. К. р-нын натыйжасында латифундиялар системасын жойгон агр. реформалар жүргүзүлгөн, а. ч-нда мамл. сектор түзүлгөн. АКШнын компаниялары м-н жерг. ири ж-а орто буржуазиялардын жеке менчиктери мамлекеттештирилип, өндүрүш каражаттарынын бардыгы элдик менчикке өткөн. Рев-янын өнүгүү процессинде өлкөнүн бардык рев-ячыл күчтөрүнүн биримдиги түзүлүп, Куба элинин бирдиктүү рев-ялык партиясы пайда болгон.

КУБА-САЙ ЧОПО КЕНИ Ош обл-нун Ноокат р-нунда, Кызыл-Кыя ш-нан 15 *км* түн.-батышта, деңиз деңг. 913–919 *м* бийикте. Кенди 1930-ж., 1974-ж. ар кандай ишканалар бир нече жолу чалгындаган. Муян көмүр кенчеси м-н байланышкан юра мезгилине таандык 4 чопо горизонту (I–IV) пайдалуу катмар болуп эсептелет. Алардын жалпы калыңдыгы 41,4 *м* түзөт. Технол. ж-а жарым заводдук изилдөөлөрдүн негизинде, бардык горизонттун чопосу сульфатка туруктуу «500» маркасындагы портланд-цемент алууга жарай тургандыгы аныкталган. I–IV чопо горизонтторунун запасы А категориясы б-ча 400 миң *т*, В – 1231 миң *т*, $С_1$ – 2885 миң *т*, $С_2$ – 504 миң *т*.

КУБАТБЕКОВ Курманбек [12. 10. 1949-ж. т., Фрунзе (азыркы Чүй) обл., Сокулук р-ну, Шалта айылы] – милициянын генерал-майору (1998). ФПИ (1971), СССР ИИМ Академиясын (1984) бүткөн. 1971–98-ж. Кыргыз ИИМдин Түзөтүү-эмгек башкармалыгынын 12-түзөтүү-эмгек колониясында инженер, 1-Май, Октябрь р-ндук



ички иштер бөлүмдөрүндө, Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгында, ИИМдин материалдык баалуулуктарды сыртка чыгарууга көзөмөл кылуу кызматында, Коомдук тартипти сактоо, Экон. кылмышка ж-а коррупцияга каршы күрөш, оперативдүү кызмат башкармалыктарында инспектор, улук инспектор, кызматтын орун басары, начальниги, 1998–2004-ж. Ички иштер министринин орун басары, 2004-ж. КР өкмөтүнүн бангизаттарды көзөмөлдөө б-ча мамл. комиссиянын төрагасы, 2005-ж. КРдин бангизаттарды көзөмөлдөө б-ча комитетинин директору, 2006–09-ж. КР Президентинин кеңешчиси, Администрациясынын жоргонуу ж-а коопсуздук иштери б-ча бөлүм башчысы болуп иштеген. Медалдар м-н сыйланган.

КУБАТБЕКОВ Турсумбай Сатымбаевич [7. 11. 1961-ж. т., Ош (азыркы Жалал-Абад) обл., Токтогул р-ну, Бел-Алды айылы] – биология илимд. доктору (2005). Москвадагы Патрис Лумумба атн. Элдердин достугу ун-тин зооинженер ж-а француз тилинин котормочусу адистиктери б-ча (1989), ошол эле ун-ттин аспирантурасын (1992) бүтүргөн. 1992-жылдан Россия Элдердин достугу ун-тинде техник, 1992–93-ж. Москвадагы «ТТТ» жоопкерчилиги чектелген жолдоочулугунун директорунун орун басары. Ошол эле ун-ттин ветеринария, морфология ж-а физиология кафедрасында ж-а агр. ф-тинде окутуучу, доцент, декандын орун басары (1996–2008). 2008–2011-ж. К. И. Скрябин атн. КАУда ректор. Эмгектери малдын патологиясы, онкологиясы ж-а морфологиясы б-ча. 70тен ашык ил. эмгектин, а. и. 7 окуу китептин ж-а окуу-методикалык иштердин автору.



Эмг.: Фермердик чарбалардагы зоогигиена жана ветеринария негиздери (авторлош). Б., 2008.

КУБАТ БИЙ, Кубат мырза, Кубатбек (т. ж. б. – болжол м-н 1758–61, Хожент) – 18-к-дагы кыргыз элинин көрүнүктүү саясий ишмери. Анжияндык кыргыздардын кушчу уруусунан. Кокон хандыгынын ж-а Чыгыш Түркстандын саясий иштерине жигердүү катышкан таасирдүү жетекчи. 1754-ж. Бухара эмири Мухаммед Рахим м-н Кокон башкаруучусу Ирдана бийдин Оро-Тобо ээлиги үчүн болгон күрөшторүндө К. б. тең ата ж-а шериктеш башкаруучу. Ал 1754–55-ж. Кашкар, Жаркенд ж. б. ш-ды жунгарлардан бошотууга катышып, «Баатыр бий» деген титул м-н Кашкардын акимдигине дайындалган. Жунгарлардын атынан өлкөнү башкарып турган ак-тоолуктардын башчысы Бурхан ад-Диндин бир тууганы Хан Кожо 1756-жылдын башталышында Чыгыш Түркстанга келип, Жаркенди башкара баштагандан тартып кожолордун кыргыздарга болгон мамилеси өзгөргөн ж-а ажырындап аларды бийликтен четтетишкен. Ал улады түшүнгөн К. б. 1757-ж. өзүнүн кол алдындагы 1000 түтүн элин алып, Кашкардан чыгып кеткен. Кыргыздардын колдоосунан ажырап калган Бурхан ад-Дин ж-а Хан Кожо 1757-ж. жаз мезгилинде Цин империясынан жеңилип, Чыгыш Түркстан каратылып алынган. К. б-дин Чыгыш Түркстандагы ж-а Ферганадагы саясий кадыр-баркынын жогорулашы Кокон башкаруучусу Ирдананы кооптондурган. К. б-ди Ферганын саясий майданынан четтетүү үчүн Ош жергесинен 9 көпөстү кушчу, мундуз элдери каректады деген жалаа жабышкан. Ушул чатак К. б-дин кокондуктар м-н кагылышына алып келген. Синьцзяндагы кытай наместниги Юнгуйдун 1762-ж. императордун сарайына жөнөткөн докладында, Кашкардын мурдагы акими К. б. Ирдана тарабынан өлтүрүлгөндүгү айтылган. Ирдана Ошту каратып алууга шылтоо издеп жаткандыгы ж-а бир аз мурдараак К. б. өлтүрүлгөндүгү тууралуу маалыматтар Цин императорунун 1762-ж. 12-айындагы (январь-февраль) буйругунда да эскерилген. Эл оозунда «Кубат бий өлбөй кут олду, кушчу, мундуз журт олду» деген сөз сакталып калган. Бул кыргыз журтчулугунда анын саясий кадыр-баркынын жогору экендигин айгинелейт. К. б-дин сөөгү Алайдын Кичи-Дара деген жерине коюлган. Анын ысмы м-н байланышкан мунара азыркыга чейин Синьцзяндагы Кызыл-Ой деген жерде сакталып калган.

Ад.: *Үсөйүн ажы.* Кыргыз санжырасы. Кыргыздар. Б., 1991; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 2. Б,, 2003. *Т. Асанов.*

КУБАТТУУЛУК – аткарылган жумуштун ошол жумушту аткарууга кеткен убакытка болгон катышы м-н ченелүүчү физ. чоңдук; системанын энерг-лык мүнөздөмөсү. Эгер жумуш бир калыпта аткарылса, анда К. N= A/t формуласы м-н берилип, мында А – жумуш, t – жумуш аткарылган убакыт секунда м-н, N – К. К. *бирдиктер системасында* ватт (*Вт*) м-н өлчөнөт. 1 *Вт*= 1 *Дж*/1 *сек.* 1 *секда* 1 *Дж* жумуш аткарылса 1 *Вт*ка барабар. Техникада ат күчү (*а. к.*) бирдиги колдонулат.

«КУБАТТУУ ТОП» («Могучая кучка») – орус комп-лорунун 19-к-дын 50-жылдарынын аягы – 70-жылдын ортосундагы чыгармачыл тобу. «Жаңы орус музыка мектеби», «Балакирев ийрими» деген ат м-н да белгилүү. «К. т-ко» М. А. Балакирев (жетекчиси), А. П. *Бородин*, Ц. А. Кюи, М. П. *Мусоргский*, Н. А. *Римский-Корсаков* кирген. «К. т-тун» мүчөлөрү элдик ырларды жогору баалап, турмуштук, жомоктук ж-а эпостук принциптери орус музыкасынын андан ары өнүгүшүнө ж-а улуттук мектептердин калыптанышына таасир тийгизген.

КУБДУК ТЕҢДЕМЕ – $ax^3+bx^2+cx+d=0$ түрүндөгү теңдеме, мында $a\neq0$. Коэфф-тери чыныгы же комплекстик сан болушу мүмкүн. Жалпы түрдөгү К. т-ни $x=y-\frac{b}{3a}$ ордуна коюу м-н ар дайым төмөнкү түргө келтирет: $y^3+py+q=0$, мында $p=\frac{b^2}{3a^2}+\frac{c}{d}$, $q=\frac{2b^3}{27a^3}-\frac{bc}{3a^3}+\frac{d}{a}$ К. т-нин акыркы келтирилген түрү канондук түр деп аталат. Канондук түрдөгү К. т-нин чыгарылыштары Кардано формуласы м-н табылат:

$$y=\sqrt[3]{-\frac{q}{2}+\sqrt{\frac{q^2}{4}+\frac{p^3}{27}}}+\sqrt[3]{-\frac{q}{2}-\sqrt{\frac{q^2}{4}+\frac{p^3}{27}}}$$

мында

$$\alpha=\sqrt[3]{\frac{q}{2}+\sqrt{\frac{q^2}{4}+\frac{p^3}{27}}},\ \beta=\sqrt[3]{-\frac{q}{2}-\sqrt{\frac{q^2}{4}+\frac{p^3}{27}}}$$

кубдук таамырлардын маанилери $\alpha\beta=-p/3$ эреже б-ча тандалат. К. т-ни чыгаруунун эрежеси 16-к-да табылган. 16-к-дын башында итал. математик С. Ферро $p>0$, $q>0$ болгондо $x^3+px=q$ канондук К. т-ни чыгаруунун жолун тапкан, бирок бул эмгек жарыкка чыккан эмес. Н. Тарталья С. Ферро алган натыйжаларды кайрадан тапкан, о. эле $x^3+px=q$, ($p>0$, $q>0$) канондук К. т-нин чыгарылышын берген. Ал өзү алган натыйжаларды итал. математик Ж. Кардаңо билдирген. Кардано 1545-ж. жалпы түрдөгү К. т-нин чыгарылышын жарыкка чыгарган. Практикада Кардано формуласы аз колдонулат. Эсептөө жолдору татаалыраак. Ошондуктан К. т-ни жакындатып чыгаруунун *Штурм эрежеси*, *Ньютон ыкмасы*, Лобачевский ыкмасы кеңири пайдаланылат.

Ад.: Курош А. Г. Курс высшей алгебры. М., 1983.

КУБИ́ЗМ – 20-к-дын башында сүрөт искусствосунда (айрыкча живописте) пайда болгон модернисттик агым. 1908–09-ж. Франциядан тараган (П. Пикассо, Ф. Леже, Ж. Брак ж. б.). П. Сезаннидын көркөм өнөрүндөгү геометризмге ж-а африкалык скульптурага ыктанган кубисттер



П. Пикассо. «Авиньондук кыздар». 1907. Заманбап искусство музейи, Нью-Йорк.

өз чыгармаларында жөнөкөй, ары туруктуу формада ачып көрсөтүү максатында куб (аталышы ошондон), шар, конус д. у. с. геом. тулкуну жаратышкан. К. өзүнүн реализмге каршы турган эксперименттери м-н азыркы формалисттик агымдардын түпкү башаты катары калды. К-дин абстракттуу иск-вого жол ачып, пуризм м-н тыгыз байланышып кеткен учурлары болгон.

КУВА́, К у б а – Өзбекстандагы байыркы шаарлардын бири. 1974-жылдан шаар статусуна ээ. Фергана обл-нда жайгашкан. Т. ж. бекети. 10-к-дан белгилүү. О. кылымдын калдыктары сакталган. Археологдор 1958–59-ж. Будда комплексин (7–8-к-га таандык) казышкан. Ал храмдарды ж-а чиркоону камтып, бир башкы фасадка биригишкен. Чиркоонун платформасында Будданын ири айкели орнотулган. Храм м-н чиркоонун ичинде боёлгон чопо Будда айкелдери постаментте орнотулса, айкел композициялары дубал оюктарында (нишада) жайгашкан. Эмерек жасоочу ф-ка, консерва, пахта тазалоочу з-ддору иштейт.

КУВЕЙТ, К у в е й т м а м л е к е т и (Даулят аль-Кувейт) – Батыш Азиядагы олко. Араб ж. а-нын түн.-чыгышында ж-а Перс булуңундагы аралдарда (Бубиян, Файлакан, Маскан, Варба ж. б.) жайгашкан. Түндүгүнөн ж-а батышынан Ирак, түштүгүнөн Сауд Арабиясы м-н чектешип, чыгышынан Перс булуңу м-н чулганат (жээк сызыгынын уз. 499 *км*). Аянты 17,8 мин *км*². Калкы 2906,7 мин (2008). Борбору – Эль-Кувейт. Расмий тили – араб тили. Акча бирдиги – кувейт динары. Адм.-айм. жактан 6 губернаторлукка бөлүнөт (к. таблицаны).





Администрациялык-аймактык бөлүнүшү (2008)

Губернаторлук	Аянты, *км*²	Калкы, мин	Адм. борбору
Асама	0,2	557,4	Эль-Кувейт
Ахмади	5,1	513,3	Эль-Ахмади
Жахра	12,1	349,5	Эль-Жахра
Мубарак-эль-Кабир	0,09	232,9	Мубарак-эль-Кабир
Фарвания	0,2	743,8	Эль-Фарвания
Хавалли	0,08	509,8	Хавалли

К. – БУУнун (1963), ЭВФтин (1962), Эл аралык реконструкция ж-а онүгүү банкынын (1962), ОПЕКтин (1960), Араб олколору лигасынын (1961), Ислам конференция уюмунун (1969), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун (1995), Перс булуңу араб олколорүнүн кызматташтык советинин (1981) мүчөсү.

Мамлекеттик түзүлүшү. К. – унитардык мамлекет. К-тин Конституциясы 1962-ж. 11-ноябрда кабыл алынган. Башкаруу формасы – конституциялык монархия. Мамлекет башчысы – эмир. Мыйзам чыгаруу бийлиги эмир м-н Улуттук чогулушка, аткаруу бийлиги эмир м-н Министрлер кеңешине таандык. К. ас-Сабах тукумунун «мурасчыл эмирати». Мыйзам чыгаруучу органы – бир палаталуу парламент (Улуттук чогулуш), 50 депутаттан т. э. эле өкмөттүн 15 мүчөсүнөн турат, бийлик мөөнөтү 4 жыл. Эмир мураскор канзааданы, о. эле премьер-министрди ж-а анын корсотмосу м-н министрлерди дайындайт же кызматтан алат. Өкмөттү салт б-ча мураскор канзаада жетектеген, 2003-жылдан мураскор канзаада м-н премьер-министрдин кызматтары болүнгөн. К-те саясий партияларга тыюу салынган.

Табияты. Перс булуңунун жээги негизинен түзөң, Кувейт булуңу гана кургактыкка 40 *км*ге кирип турат. Кувейт булунунда калк отурукташкан жалгыз арал – Файлака жайгашкан. Өлкөнүн аймагынын басымдуу бөлүгүн чөлдүү түздүк ээлейт (бийикт. 290 *м*ге чейин, олконун эң бийик жери). Түндүгүндө таштуу чөлдөр үстөмдүк кылат, алар кургак терең нуктар – вадилер (Эль-Батин ж. б.) м-н тилмеленген; борб. ж-а түш. бөлүктөрүн дюна рельефтүү кумдуу чөлдөр ээлейт. К-тин аймагы тектон. жактан кембрийге чейинки Араб платформасынын түн.-чыгыш чет-жакасында, Басра-Кувейт ойдунунда жайгашкан. Негизги минералдык байлыгы – нефть, анын запасы б-ча дүйнөдө 7-орунду ээлейт (2008). К-тин бүт аймагы ж-а акваториясы Перс булуңу нефть-газ бассейнине кирет. Ири кендери – Чоң Бурган, Эр-Раудатайн, Сабрия ж. б. О. эле табигый газ, цемент сырьёлору (акиташ тектери), сал туз кендери бар. Тропиктик чөл климаты өкүм сүрөт. Жылдык жаан-чачыны 75–150 *мм*, көбүнчө кышында нөшөр түрүндө

Чөлдөгү нар төөлөр.



КУВЕЙТ



жаайт. Айрым жылдары 25 *мм* гана түшөт. Жылдын басымдуу бөлүгүндө ысык аптап кармалат (июлдун орт. темп-расы 36–37°С, абс. максимуму 52°С); эң жагымдуу мезгил – кыш (декабрь–январдын орт. темп-расы 12–14°С). Чанда түнкү темп-ра 0°Сге чейин томондойт. Майдан ноябрга чейин кургак түн.-батыш шамалдары (шимал) согуп, чаң ж-а кум бороондору м-н коштолот. К-те суу ото тартыш, туруктуу аккан агын суусу ж-а көлү жок. Жер астындагы суулуу горизонттор бар, алар өлкөнүн түн. бөлүгүндө тузсуз, түштүгүндө түрдүү деңгээлде минералдашкан. Суу м-н камсыз болуунун негизги булагы – тузсуздандырылган деңиз суусу (жылына 231 млн *м*³ суу тузсуздандырылат). К. тузсуздандыруучу курулмаларынын кубаттуулугу б-ча дүйнөдө алдынкы орунда. Түндүгүндө шагыл-таштуу, борб. ж-а түш. бөлүктөрүндө кумдуу чөл басымдуу; айрым боз топурактуу жерлеринде сейрек чөп ж-а бадал өсүмдүктөрү кездешет. Өлкөнүн Ирак м-н чыр-чатагынан кийин айлана-чөйрөнү ж-а табигый чөл ландшафтты калыбына келтирүү ж-а коргоого алынган жаңы аймактарды уюштуруу б-ча ин-чаралар көрүлүүдө. Аларга стационардык Эс-Сулайбия илимий резерваты, Эз-Заур тумшугу улуттук паркы, 3 деңиз паркы ж. б. кирет.

Калкы. К-тин калкынын басымдуу бөлүгүн (71,2% ин) арабдар түзөт: 57,8% и кувейттиктер (анын 10% и бедуиндер), 3,8% и ирактыктар, 3,6% леванттыктар, 2,2% и египеттиктер, 1,9% и палестиналыктар, 0,9% и йемендиктер, 0,5% и оман арабдары, 0,5% и сириялыктар. Күрддөр 10,6%, перстер 4,6, армяндар 0,9%, түш. азиялыктар 8%, филиппиндиктер 3,4%. О. эле ассириялыктар, америкалыктар, француздар, кытайлар да жашайт. Мамл. дини – сүннөт ислам дини. К-тин калкы 1961–2008-ж. 9 эсе өскөн; анын себеби – төрөлүүнүн көптүгү (1000 адамга 21,9 бала), өлүм-житим 2,4 адам, сырттан жумушчу күчү көп келет (сырткы миграциянын сальдосу 1000 тургунга 16,4 адам; 2008). Калктын курактык структурасында эмгекке жарамдуулар (15–64 жаштагылар) басымдуу – 70,6%, 15 жашка чейинки балдар 26,5%, 65 жаштан ашкандар 2,9%. Калктын өмүрүнүн күтүлгөн орт. узактыгы 77,6 жыл (эркектердики 76,4, аялдардыкы 78,7 жыл). 100 аялга 153 эркек туура келет. Орт. жыштыгы: 1 *км*² жерге 163,3 адам туура келет (2008). Өлкөнүн чыгышында жыш (1 *км*² жерге орто эсеп м-н 6,4 адам) отурукташкан. Шаар калкы 96% тей. Ири шаарлары (2008): Жалиб-эш-Шуюх (калкы 177,9 мин), Сабах-эс-Салим (141,7 мин), Эс-Салимия (134,5 мин), Эль-Курайн (131,1 мин). Экон. активдүү калкы 2,1 млн (анын 80% и чет өлкөлүк жумушчулар).

Тарыхы. Файлака а-нан табылган шаар калдыктары, грек храмдарынын ж-а устаканаларынын эски урандылары ж. б. К-тин азыркы аймагы б. з. ч. 3-миң жылдыктан Дильмун мамлекетинин курамына киргендигин айгинелейт. Б. з. ч. 2-миң жылдыктын 2-жарымында К. Вавилонияга, 8-к-дын ортосунда Жаңы Ассирия державасына, 626-ж. кайрадан Вавилонияга баш ийген. Б. з. ч. 539-ж. Перс, б. з. ч. 4-к-дын аягынан Селевкиддер, кийин араб мамлекети Харакенанын курамына кирген. Б. з. 7-к-нан Халифат бийлигине караган. К. аймагын 1258-ж. монгол аскерлери, 15-к-дын аягына чейин жерг. араб урууларынын шейхтери башкарган. 16-к-да К. аймагы Осмон империясынын, 17-к-дын 2-жарымында Бану Халид эмиратынын курамына кирген. 1756-ж. шейх Сабах ибн Жабер ас-Сабах (1752–62) К. аймагында жашаган бардык урууларды биригтирип, К. эмиратын түзгөн (1937-ж. чейин К. башкаруучулары шейх деп аталган). Сабахтар династиясы К-ти Индия м-н Батыштын ортосундагы соода борборуна айлантып, өлкөнүн абалын жакшыртқан.

Тышкы саясатын ийкемдүү жүргүзүп, осмон башкаруучулары Басра ж-а Саудиддер м-н тыныгыкты колдогон. 1793-ж. Эль-Кувейт ш-нда Британиянын Ост-Инд компания (ОИК) факториясы негизделип, 1798–99-ж. ваххабиттердин колуусунан К-ти коргоп калган. 1899-ж. Улуу Британия шейх Мубаракты жашыруун келишимге кол коюуга мажбурлаган. Натыйжада К. окмоту Улуу Британиянын макулдугусуз башка мамлекеттер м-н мамиле түзүүдөн четтелген. 20-к-дын башында К-те о. ж. ондүрүшү пайда болгон. 1910-ж. К-те табылган нефтиге ээ болуу үчүн Улуу Британия м-н АКШнын ортосунда атаандаштык башталып, 1913-ж. Улуу Брита-

ния нефть чалгындоо ж-а иштеп чыгарууга укук алган. 1914-ж. ноябрда Улуу Британия м-н К-тин ортосунда жаңы келишимге кол коюлуп, К. британиялык протекторатка айланган. 1917–22-ж. аймактык маселелер б-ча Саудиддер м-н кагылышуулар болуп, 1920-ж. Эль-Жахранын алдындагы салгылашта К. жеңилген. 1920-ж. апрелден 1921-жылдын октябрына чейин өлкөнү саудиддер армиясы оккупациялаган. 1922-ж. ноябрь-декабрдагы Укайр конф-ясынын негизинде К-тин бир бөлүгү Саудиддерге берилип, кувейт-сауд чек ара зонасы (1942-жылдан бейтарап зона) түзүлгөн. 1927-ж. К-те «Kuwait Oil Co» компаниясы түзүлүп, нефть казуу иштерин жүргүзүүдө англичандар м-н американдыктар тең укукка ээ болушкан.

1929–33-ж. дүйнөлүк экон. кризиске байланыштуу К-тин экон. абалынын начарлашы кувейттиктер кыймылынын өсүшүнө алып келген. Египет рев-ясы (1952) ж-а Суэц кризисине (1956) байланыштуу К-те британиялык окмөткө каршы нааразычылыктар күч алган. 1961-ж. 19-июнда К. көз каранды эмес мамлекет болуп жарыяланган. 1961-ж. 20-июлда К. араб мамлекеттеринин лигасына мүчө болгон. 1962-ж. 16-ноябрда К-тин жаңы Конституциясы кабыл алынып, эмирге кеңири укуктар берилген. 1963-ж. 23-январда К-те алгачкы парламенттик шайлоолор өткөрүлүп, Улуттук чогулуш түзүлгөн. 1968-ж. Араб өлкөлөрүнүн (Сауд Арабиясы ж-а Ливия) уюму – нефть оноктоштор бирикмеси негизделген. 1975-ж. К. өкмөтү чет өлкөлүк нефть компанияларынын таасирин чектөө чараларын көрүп, «Kuwait Oil Co» компаниясынын мүлктөрүн мамлекеттештирген. 1976-ж. өлкөдө саясий кырдаал курчуган. Эмир Сабах III аль-Салем ас-Сабах атайын жарлыгы м-н Улуттук чогулушту таркаткан. Өлкөдө массалык толкундоолор башталып, ислам экстремисттик уюмдардын иш-аракеттери күчөгөн. Элдик толкундоолордон чочулаган К. бийлиги парламентти кайра калыбына келтирүү үчүн чечим кабыл алган. 1981-ж. Улуттук чогулушка шайлоо откөрүлгөн, бирок өлкөдө туруктуу абал түзүлгөн эмес. 1990-жылдары кайрадан Ирак м-н К-тин мамилелери курчуп, Ирак аскерлери К-ти оккупациялаган. 1991-ж. 28-февралда «Чолдогу бороон» операциясы учурунда Иракка каршы коалициялык күчтөр К-ти бошоткон. 1990-жылдары К. АКШ, Улуу Британия, Франция, Россия ж. б. мамлекеттер м-н аскердик кызматташуу ж-дө келишимге кол коюлган. 1992-ж. Улуттук чогулуш кайрадан ишин уланткан. К. бийлиги финансы иштерин кыянаттык м-н пайдалануу ж-а коррупцияга каршы күрөшүүгө ж. б. көңүл бурушкан. 2003-ж. Иракта С. Хусейндин режимин кулатууда К. АКШ ж-а анын союздаштарын колдоп, өз аймагына Иракка каршы коалициялык күчтөрдү жайгаштырган. 2006-ж. Сабах аль-Ахмед аль-Джабер ас-Сабах эмирликке шайланып, көптөгөн өлкөлөр м-н дипл. мамилелерди түзгөн.

Чарбасы. Экономикасынын негизин нефть өндүрүү ж-а ажыратуу ИДП наркынын 50%ке жакынын, түшкөн валютанын 90%тен ашыгын, мамл. бюджет кирешесинин 95%ин камсыз кылат. Нефтини экспорттоодон түшкөн каражат экономиканы жаңылоого, социалдык камсыздоону сактоону, билим берүүнү ж. б. өнүктүрүүгө жумшалат. Мамл. 2 резервдик фонд түзүлгөн: Келечектеги муундар фонду (жылдык чегерүү нефтиден түшкөн кирешенин 10%ү, түзөт) ж-а Жалпы резервдик фонд; резервдик фонддордун жалпы наркы 209 млрд долларга бааланат. К. – ири эл аралык донор, 1961-жылдан Кувейт араб өлкөлөрү экон. өнүгүү фондусун түзүлүү араб өлкөлөрүнө (Египет, Сирия, Иордания ж. б.) экон. жардам берет. Өлкөнүн экон. саясатынын артыкчылыктуу багыттары – экономиканы диверсификациялоо, нефть секторуна ж-а мамл. субсидияга күнкорлугун басандатуу (2000-жылдардын ортосунан мамл. сектордун экономикадагы жетектөөчү ролу сакталууда), чет өлкөлүк инвестицияны тартуу, мамл. мүлктү менчиктештирүү программасын (нефть секторунан башкасын) ишке ашыруу. 2005-жылдан коммуналык сектордун ишканалары, порттор, май куюучу станциялар, телекоммуникация ишканалары менчиктештириле баштаган.

ИДПнин көлөмү 149,1 млрд доллар, аны киши башына бөлштүргөндө 57,4 мин доллардан туура келет (2008). ИДПнин реалдуу өсүүсү 8,5% (2008). Адамзат өнүгүүсүнүн индекси 0,916 (2007; дүйнөдөгү 182 өлкөнүн ичинен 31-орунда). ИДПнин структурасында о. ж-ның үлүшү 52,4%, тейлөө чөйрөсүнүкү 47,3%, а. ч-ныкы 0,3%, чет өлкөлүк инвестиция 19,7%. Өлкөнүн нефтисинин аныкталган запасы дүйнөлүк нефтинин 9%тен ашыгын түзөт. 2007-ж. суткасына 2,6 млн *баррель* нефть өндүрүлгөн. Өндүрүлгөн нефтинин 90%тен ашыгы экспорттолот. Иштетилип жаткан негизги кендери өлкөнүн түндүгүндө (Эр-Раудатайн ж-а Сабрия кендери), батышында (Минакиш, Умм-Гудайр), түш.-чыгышында (Чоң Бурган кендер тобу), мурдагы Бей-

Эш-Шуайбдагы нефть-химия комплекси.







Кувейт акчасы – динар.

тарап зонанын чегинде (Эль-Бахра), о. эле Перс булунунун шельфинде жайгашкан. Табигый газ негизинен ашка кендер м-н кошо (2006-ж. 12,5 млрд $м^3$) өндүрүлүп, толугу м-н өлкө ичинде пайдаланылат. Энергетикасы өзүнүн углеводород сырьёсун пайдаланат. 44,75 млрд *кВт·с* электр энергиясы өндүрүлүп, 39,5 млрд *кВт·сы* пайдаланылат (2006). Ири ЖЭСтери Эль-Кувейт, Эль-Ахмади, Эль-Фухайхил ш-нда. Нефть ажыратуучу 3 ири э-ду (жалпы кубаттуулугу суткасына 900 мин *баррель* нефть) иштейт; алар Эль-Ахмади, Мина-Абд-Аллах, Мина-Шуайб ш-нда. Эш-Шуайбда ири нефть-химия комплекси иштейт. Металл иштетүүчү ж-а металлургия, тиричилик техникасын чыгаруучу, нефть жабдууларын ремонттоочу, кеме куруучу, курулуш материалдарын чыгаруучу ишканалары бар. Деңиз суусун тузсуздандыруучу 5 ишкана иштейт.

А. ч-га жарактуу жери чектелүү. Кувейт кризисинин учурунда (1990–91) а. ч. жеринин кыйла бөлүгү орттон ж-а нефть каптоодон өтө жапа чеккен. Азык-түлүктүн 80%тен аныгын сырттан сатып алат. 21-к-дын башында өлкөнүн жеринин 1%ке жакын аянты иштетилген; анын $^3/_4$ бөлүгү жаңы технологияны пайдаланып сугарылат. Негизинен жашылча ж-а курма пальмасы өстүрүлөт. Балык уулоо ж-а деңиз продуктуларын (негизинен креветка) кармоо өнүккөн. Экон. жактан активдүү өнүккөн сектору, башкы тармактары – мамл. башкармалуу, банк-финансы иштери, чет элдик туризм, соода. Банк сектору К. Борб. банкынан (1969-ж. негизделген), 7 коммерциялык банктан (а. и. К. Улуттук банкы, 1952-ж. негизделген, Перс булуну аймагындагы алгачкы улуттук банк) ж-а ислам банкынан турат. Камсыздандыруу бизнесинде 37 коммерциялык банк иштейт; өлкөдөгү эң ири К. фонд биржасы Перс булуну өлкөлөрүндөгү Сауд фонд биржасынан кийинки 2-орунда. Чет өлкөлүк туризмден түшкөн кирешө жылына 6 млрддан ашык АКШ долларын түзөт.

Автомобиль жолунун жалпы уз. 5749 *км*. К. автомобиль жолдору аркылуу Ирак (Басра) ж-а Сауд Арабиясы (Эр-Рияд, Даммам) м-н байланышат. Деңиз соода флотунда 38 деңиз кемеси бар, анын 22си – нефть танкери. Башка өлкөлөрдүн (а. и. Сауд Арабиясы, Катар, Бахрейндин) желеги м-н 34 К. соода кемеси сүзүп жүрөт. Негизги деңиз порттору: Мина-эль-Ахмади (өлкөнүн экспорттук негизги порту), Эш-Шуайба, Эш-Шувайх, Мина-Абд-Аллах, Эль-Кувейт. 7 аэропорту бар; эл аралык аэропорту Эль-Кувейт ш-нда. Магистралдык куур транспортунун уз. 866 *км*, анын 540 *км*и нефть кууру, 269 *км*и газ кууру 57 *км*и нефть продукту кууру (2007).

Сырткы соода товар жүгүртүүсүнүн көлөмү 84,3 млрд доллар (2007); анын 63,7 млрд доллары экспортко, 20,6 млрд доллары импортко туура келет. Негизги экспорттук товарлары: нефть ж-а нефт продуктулары, о. эле аз өлчөмдө химия о. ж. продукциялары (негизинен семирткичтер). Экспорттук соода өнөктөрү: Япония, Түш. Корея, Кытай, Сингапур, АКШ, Нидерланд. Азык түлүк, о. ж. ж-а транспорт жабдуулары, автомобиль, курулуш материалдары, кийим ж. б-ды АКШ, Япония, Германия, Кытай, Сауд Арабиясы, Италия, Улуу Британия, Индия, Түш. Кореядан сатып алат.

Маданияты. Билим берүүсү 4 жаштан 6 жашка чейин мектепке чейинки, милдеттүү 8 жылдык окутуу (4 жылдык башталгыч, 4 жылдык толук эмес орто мектеп) ж-а 4 жылдык толук орто билим берүүнү камтыйт. Толук эмес орто билимдин базасында атайын коллеждер иштейт. Эркек балдар ж-а кыздар бөлөк окутулат. Окутуу – акысыз (бала бакчадан ЖОЖго чейин). 15 жаштан жогорку калктын сабаттуулугу 93,3%ти түзөт (2007). Жогорку билим берүүнү Кувейт ун-ти (1966) ж-а мамл. эмес ЖОЖдор (Кувейт-Маастрихт бизнес мектеби, 2003; Америка ун-ти, 2004; ж. б.) ишке анырат. К. Улуттук китепканасы (1936) иштейт. Улуттук (1957), ил. пед. (1972), ислам иск-восу (1983), Т. Ражаб атн. (1980) ж. б. музейлери бар.

Күн сайын чыгуучу 7 гезиттин бешөө («Аль-Анба», 1976; «Ал-Кабас», 1972; «Аль-Ватан», 1976 ж. б.) араб тилинде, экөө англис тилинде («The Arab Times», 1963; «The Kuwait Times», 1961) чыгат. Жума сайын «Ар-Раид» (1969), «Аль-Хадаф» (1961) ж. б. гезиттер жарык көрөт. Айына 105, жумасына 110 журнал чыгарылат. Радиоуктуруусу 1951-жылдан, телекөрсөтүүсү 1957-жылдан иштейт.

Адабияты. К. элинин ад-ты – жалпы араб ад-тынын бир бөлүгү. Абдель Жалил ат-Табата – К. ад-тынын баштоочусу ж-а агартуучу деп эсептелет. Анын классикалык араб ад-тынын негизинде жазылган ырлар жыйнагы 1882-ж. Индияда басылган. 1911-ж. уюшулган аль-Мубаракия мектеби мад-тты кайра түзүүнү баштаган. Анын айрым бүтүрүүчүлөрү көрүнүктүү адабий ишмерлер ж-а агартуучулар болушкан: Абд аль-Азиз ар-Рашид («Кувейттин тарыхы», 1926), Халида ибн-Мухаммад аль-Фараджи («Мунира», 1929) ж. б. 1940-жылдары Халид Халяф («Тагдырдын кылдаттыгы», «Суу менен асман аралыгында» новеллалары, экөө тең 1947), Фахда ад-Дувейрлер («Болумуш», 1948, ж. б. ангемелери) прозада ийгиликке жетишти. Улуу муундагы жазуучулардан Мухаммад аль-Фаиз («Моряктын эскерүүсү», 1961; «Бирюза шакек», 1984), Ахмад аль-Удван («Тамчы», 1996), К-тин гимнинин автору акын ж-а драматург Фаик Абдель Жалил («Абу Зейд – баатыр из кубар», 1974 ж. б.) белгилүү. 1960-жылдардын аягында К. ад-тында прозага жаңы муундун өкүлдөрү Сулейман аш-Шат, Сулейман аль-Хулайф, Исмаил Фахд Исмаил, жазуучу-фантаст Абдель-ваххаб ас-Саид келишти, поэзия өнүгүүдө (Суад Мухаммад ас-Сабах ж. б.). Жазуучулар прозада жаратылышты ж-а бедуиндердин жашоосун мактоону заманбап араб коомундагы социалдык маселелерди талдоону, элдин жашоо мүнөзүндөгү өзгөрүүлөрдү тема кылып алышты.

Б. з. ч. 3 миң жылдыктан б. з. 17-к-на чейин мад-т очогу Файлака а. болгон. Арх-сында байыркы грек ж-а ахеменид элементтери айкалышкан эллин мезгилиндеги чептердин урандылары б. з. ч. миң жылдыктын ортосуна таандык байыркы курулмалар болуп саналат. Эль-Кусурдагы археол. казууда галереялары м-н ж-а крест сыяктуу пландагы сыйынуу жайы бар эрте христиан чиркоосүнүн урандылары (б. з. 5-к-нын аягы – 6-к-нын башы) ачылган. Эль-Куранияда 16–17-к-дагы чептин калдыгы табылган. 18–19-к. курулган шаар үйлөрүнүн эң эскилери – адатта ылайдан согулган, көбүнчө бир кабаттуу, бир нече ички короосу бар типтүү үйлөр (эс алуу ж-а эркектердин баарлашуу бөлмөлөрүнүн терезелери үйдүн кочону караган фасадында). Турак үйлөрдүн жасалгаларында түрк, иран, индия элдеринин арх-расынын таасирлери байкалат. Файлак а-нда салттуу турак жай кварталы сакталган. К-теги биздин күнгө чейин сакталып келген эң эски мечиттер – Аль-Хамис (1772–73) ж-а Абд аль-Раззак (1797; экөө тең – Эль-Кувейтте). Эль-Жахрда (1895) Кызыл сепил сакталган. 1950-ж. экономиканын жогорулашы жаңы курулуштардын пайда болуусуна түрткү берди. К-те чет элдик арх-лор иштей баштайт. Эль-Кувейт үчүн *модернизм* стилинде функциялык зоналарга бөлүнгөн генералдык



Эль-Кувейттеги Улуттук чогулуш үйүнүн имараты. 1973–85.

план сериясы (1952, «Minoprio, Spensly and Macfarlen» бюросу; 1963, «C. Buchanan and Partners» ж. б.) иштелип чыккан. Ислам архитектурасы м-н модернизм стили айкалышкан бараандуу курулуштар салынууда: аль-Сейф окмот дворецинин жаңы имаратында (1960–64) мусулман зодчийлигинин басымдуулугу байкалса, Эль-Кувейт муниципалитетинин имараты (1962, арх. Салам Абдель Баки) заманбап батыш арх-расынын негизинде курулган. 1970-жылдары бул тенденциялардын баары *постмодернизмге* бириге: мис., окмот имараттар комплекси ж-а аль-Сейф дворецинин жаңы канаты (1973–83, арх. Р. Пиетиля), Улуттук чогулуш имараты (1973–85, Й. Утзон), масштабдуу мамл. мечит (1976–84, арх. М. Макия) ж. б. Неомодернизм белгилери «Нефть секторунун» бийик имаратынан көрүнөт (1996–2005, арх. А. Эриксон). К-те профессионалдык сүрөт иск-восу 20-к-дын ортосунан башталат. Алгачкы К. сүрөтчүлөрүнүн бири – М. аль-Доссари реалисттик чыгармаларды жараткан. Ушул эле нукта 20-к-да башка да живописчилер эмгектенишкен. *Сюрреализмдин* таасири скульптор С. Мухаммаддын чыг-лыгында (20-к-дын аягы – 21-к-дын башы); *экспрессионизм* живописчи С. Аль Айюбинин чыг-лыгында байкалат. Элдик кол өнөрчүлүк өнүгүүдө.

Ад.: Страны и народы. Зарубежная Азия. Общий обзор. Юго-Западная Азия. М., 1979; Вся Азия. Географический справочник. М., 2003; *Исаев В. А.* Кувейт: контуры экономических перемен. М., 2003; *Исаев В. А., Филоник А. О., Шагаль В. Э.* Кувейт и кувейтцы в современном мире. М., 2003; Большая Российская энциклопедия. Т. 16. М., 2010.

КУГУЛЬТИ́НОВ Давид Никитич (13. 3. 1922, Калмакстан, Гахан-Абганара айылы – 17. 6. 2006, Элиста) – калмак совет акыны, Калмакстан эл акыны (1969). Москвадагы М. Горький атн. Ад-т ин-тун бүтүргөн (1960). Чыг-лыгы 1936-жылдан башталган. Алгачкы ырлар жыйнагы «Жаштык ырлары» деген ат м-н 1940-ж. жарыкка чыккан. К. – «Сүйүү жана согуш» (1957), «Маобит туткуну» (1958), «Сар-Герел» (1963–64)

ж. б. поэмалардын, «Турмуш жана ой жүгүртүү» (1963–67), «Жылдар» (1939–67), «Ситара Девинин бийи» (1969), «Жакын жана алыс» (1972), «Курак» (1973) ж. б. ыр циклдеринин автору. «Мен курбалынмын» (1966) ыр жыйнагы үчүн М. Горький атн. РСФСР мамл. сыйл. (1967), «Апрель чакырыгы» деген ыр китеби үчүн СССР мамл. сыйл. (1976) алган. К. чыгармачылыгын баштагандан эле өзүн романтик акын катары таанытканы. К-дун айрым чыгармалары кыргыз тилине которулган. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.



КУДА – келин м-н күйөөнүн аталары же алардын жалпы аты, эркек агайын-туугандары бири бирине К. болушат.

КУДАБАЕВ Зарылбек Исалыевич (22. 11. 1953-ж. т., азыркы Нарын обл., Кочкор р-ну, Кочкор айылы) – экономика илимд. доктору (2004), физика-математика илимд. кандидаты (1983), КРдин эмг. сиң. экономисти (2003), КРдин билим берүүсүнүн отличниги (1993), Россия Федерациясынын статистикасынын отличниги (2001), КРдин 2-класстагы мамл. кеңешчиси. КМУнун физика ф-тин (1975), Москвадагы И. Бардин атн. Кара металлургия Борб. ИИИнин аспирантурасын (1979–83), М. Торез атн. Москва мамл. чет тилдер ин-тун (1989–90) бүтүргөн. М. Ломоносов атн. МГУнун физика ф-тинде (1975–76), ФПИде, КТУда окутуучу, проф., кафедра башчысы, проректор (1977–95), КР Өкмөтүнүн Аппаратында бөлүм башчы (1995–97), КР Улуттук статистика к-тинин торагасы (1997–2005), 2006-жылдан Бишкектеги БААУнун проф. Анын 100дөн ашуун ил. эмгеги (а. и. 5 монография ж-а 3 окуу куралы) жарык көргөн. «Данк» медалы м-н сыйланган (1999).

Эмг.: Экономическое развитие Кыргызской Республики. Б., 2001; Становление свободной экономики в Кыргызстане. Б., 2004; Проблемы сокращения бедности в Кыргызстане. Б., 2004; Некоторые итоги становления свободной экономики в Кыргызской Республике, Мировая экономика и международные отношения. М., 2005.

КУДАГЫЙ – келин м-н күйөөнүн энелеринин, чоң энелеринин, жеңелеринин бири бирине карата аталышы.

КУДАЙБЕРГЕНОВ Сарыбай (5. 4. 1925, азыркы Чүй обл., Сокулук р-ну, Шалта айылы – 11. 12. 1982, ошол эле жер) – тилчи, кыргыз тилинин грамматикасы б-ча адис, филология илимд. доктору (1968). Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу (1941). КМПИнин филология ф-тинде (1946–50), СССР ИАнын Тил илими ин-тунун Түркология секторунун аспирантурасында окуган (1950–53). СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Тил, адабият ж-а тарых ин-тунда ил. кызматкер, сектор башчысы (1953) болгон. 160тан ашык ил. эмгеги бар. Эмгектеринде кыргыз тилинин морфологиясы, сөз жасоо ж-а сөз өзгөртүү системасы, сөз түркүмдөрү иликтөөгө алынган.

Эмг.: Кыргыз тилиндеги сөз өзгөртүү системасы. Ф., 1959; Кыргыз тилиндеги этиштин учур чагы менен өткөн чагы. Ф., 1961; Кыргыз тилиндеги мамиле категориясы. Ф., 1959; Кыргыз тилинде этишти жасоочу кээ бир мүчөлөр. Ф., 1968.

КУДАЙБЕРГЕНОВ Ташмукамбет [1886, Пишпек уезди, Жедигер кыш. (азыркы Кант р-ну) – 1957, ошол эле жер] – сов. ж-а парт. кызматкер. Пишпектеги орус-тузем мектебинен окуп, Кырг-ндагы 1916-жылкы көтөрүлүшкө катышкан. 1917-ж. «*Букара*» *союзун* уюштургандардын бири. 1917–18-ж. солчул эсерлердин партиясына мүчө болгон. «*Шура-и Ислам*» уюмунун Пишпектеги шаарком унун секретары (1918, май-декабрь), Кызыл Армиянын жоокери, Пишпек шаардык комиссариатында улут иши бөлүмүнүн башчысы, Түрк фронтунун рев-ячыл трибуналынын мүчөсү, 1918–21-ж. 1-Пишпек атчандар полкунда командирдин жардамчысы 1921-ж. РКП(б)нин 10-съездине делегат болуп шайланган. Кронштадт козголоңун басууга катышканы үчүн Кызыл Туу орденин алган. 1921-жылдары Нарын уездик ревкомунун, Пишпек уездик к-тинин «*Кошчу*» *союзуна* төрага болуп, Жети-Сууда *жер-суу реформасын* жүргүзүүгө зор салым кошкон. 1922–23-ж. Пишпек шаркомунун жооптуу секретары. Ушул жылдары жаатташуу күрөшүнө аралашканы үчүн партиядан чыгарылып, көп узабай эле партиялуулугу кайра калыбына келтирилген. 1923–25-ж. Каракол, Нарын уездик, Фергана обл. аткомдорунда иштеген. 1925-жылдан Пишпек шаардык кылмыш издөө бөлүмүнүн башчысы, обл. соттун торагасынын орун басары, О. Азия бюросуна ж-а РКП(б) БКга арыз м-н кайрылган 30 адамдын бири болгон. 1927-ж. Кыргыз АССР Советтеринин 1-Уюштуруу съездинде БАКтын мүчөсү, 1-сессиясында респ-ным юстиция эл комиссары ж-а прокурору болуп шайланган. 1930-ж. «кызмат абалын кыянат пайдаланган» деген айып м-н 5 жылга эркинен ажыратылган. Ден соолугуна байланыштуу 1931-ж. 25-июлда поселениеге Ташкент ш-на которулуп, ал жакта 1937-ж. чейин иштеген. 1937-ж. «партияга каршы ишмердиги үчүн» деген айып м-н 10 жылга кесилген. 1947-ж. август айында бошонуп, 1948-ж. кайрадан камакка алынып, 1949-ж. сүргүнгө, Красноярскге айдалган. 1954-ж. акталган.

КУДАЙБЕРГЕНОВ Торобай Тургунбекович (8. 3. 1948-ж. т., Талас обл., Кара-Буура р-ну, Бака-

йыр айылы) – химия илимд. кандидаты (1985), проф. (2001), КРдин Илим ж-а техника б-ча мамл. сыйл. лауреаты (2000). КМУну (1972), Кыргыз ССР ИАнын Орг. эмес ж-а физ. химия ин-тунун аспирантурасын (1976) бүтүргөн. 1966–67-ж. орто мектепте ж-а 1972–76-ж. КМУда мугалим, 1976–80-ж. КРдин УИАнын Орг. эмес ж-а физ. химия ин-тунда кенже ил. кызматкер, КАУда ассистент, улук окутуучу, доцент, 1996-жылдан кафедра башчысы, 2004–09-ж. ин-ттун директору. 2009-жылдан кафедра башчы, химия, хим. технология ж-а химияны окутуу ыкмасы б-ча адис. «Ордо» оюну б-ча КРдин эмг. сиңирген машыктыргычы. КРдин «Ордо» федерациясынын президенти. 90дон ашык ил. эмгеги, а. и. 1 монография, 8 окуу китеби бар.

Эмг.: Электроэрозионный синтез карбидных соединений металлов подгруппы хрома. Ф., 1989; Химия боюнча лекциялар жыйнагы. Ф., 1991; Жалпы химия ж-а элементтердин химиясы. Б., 1994; Жалпы химия (авторлош). Б., 1998. Физколлоиддик химия. Б., 2004, Жалпы химия. Б., 2007.

КУДАЙБЕРГЕНОВА Индира Орозбаевна (24. 3. 1956-ж. т., Тянь-Шань (азыркы Нарын) обл., Кочкор р-ну, Кочкор айылы) – медицина илимд. доктору (1994), проф. (1997). КММИни (1979), ошол эле ин-ттун аспирантурасын (1988) бүтүргөн. Респ. клиникалык ооруканада врач, 1983–85-ж. клиникалык ординатор, 1988–91-ж. госпиталдык хирургия кафедрасында ассистент, 1994–97-ж. КММАда проф., 1997-жылдан кафедра башчысы ж-а Кыргыз онкология ж-а радиология ИИИде директор, КММАнын ректору (2008–09). Онкология, маммология ж-а пластикалык хирургия б-ча адис. 40тан ашык ил. эмгеги, а. и. 1 монография, 3 ойлоп табуусу бар.



Эмг.: Значение компьютерной томографии в торакальной хирургии (в соавторстве). Ф., 1989; Опухоли грудной стенки, клиника и хирургия, тактика при них (в соавторстве). Ф., 1987; Атлас пластических операций на грудной клетке с использованием эндопротезов (в соавторстве). Б., 1994.

КУДАЙБЕРДИЕВ Абибилла Алымович (1. 6. 1962-ж. т., Ош обл., Ноокат р-ну, Кенеш айылы) – генерал-майор (2007). Алматы жогорку жалпы аскердик командалык окуу жайын (1983), РФ жалпы аскердик академиясын (2003) бүткөн. 1983–94-жылдары Мотоаткычтар полкунда взвод, рота командири, батальондун командиринин орун басары, 1994–98-ж. КРдин Коргоо министрлигинде бөлүмдүн улук офицери, бөлүмдүн начальнигинин орун басары-бөлүмдүн начальниги, башкармалыктын начальнигинин орун басары-бөлүмдүн начальниги, 1998–2005-ж. аскердик болүкто штабдын начальниги, командирдин орун басары, 1-орун басары, 2005–06-ж. КРдин Коргоо министрлигинде офицерлердин ж-а прапорщиктердин квалификациясын жогорулатуу борборунда начальник, 2006–08-ж. аскер болүгүндө командир, 2008–09-ж. КРдин Куралдуу Күчтөрүнүн Бишкек жогорку аскердик окуу жайынын начальниги, 2009–10-ж. КРдин Коргоо министринин 1-орун басары-КРдин Куралдуу Күчтөрүнүн башкы штабынын начальниги, 2010–11-ж. КРдин Коргоо министри болуп иштеген. 3-даражада «Манас» ордени ж-а «Эрдик» медалы м-н сыйланган.



КУДАЙБЕРДИЕВ Зулпукар Мамедович (1939, Кок-Жангак ш. – 2008, Бишкек) – медицина илимд. доктору (1988), проф. (1991). КРдин илим ж-а техника б-ча мамл. сыйл. лауреаты (1996). Кыргыз ССРинин эмг. син. врачы (1982). КММИни (1962), ошол эле жерде аспирантураны (1967) бүтүргөн. КММИде ассистент, доцент, Улуттук кардиология ж-а терапия борборунун директорунун орун басары, 2000-жылдан башкы врачы. Физиология б-ча адис. 150дон ашык ил. эмг., а. и. 3 монографиясы, 1 ойлоп табуусу бар. «Данк» медалы м-н сыйланган (1998).

Эмг.: Физическая работоспособность человека в горах (в соавторстве). Л., 1982; Функция сердечно-сосудистой системы в условиях высокогорья (в соавторстве) Л., 1980; Опыт изучения физической и умственной работоспособности в горах (в соавторстве). Ф., 1980.

КУДАЙБЕРДИЕВ Ташбек (8. 8. 1939-ж. т., Ош обл., Кара-Суу р-ну, Жоош айылы) – театр артисти, КРдин эл арт. (1997). Ташкенттеги А. Н. Островский атн. Театрдык ин-тту бүтүргөн (1963). 1963-ж. Кыргыз филармониясында, 1964-ж. М. Рыскулов атн. Нарын муз.-драма театрында, 1974-жылдан Барпы атн. Ош драма театрында иштеген. К. коруучулордун купулуна толгон түрдүү мүноздогу ролдорду аткарган: Бобчинский (Н. Гоголь, «Текшерүүчү»), Скалозуб (А. Грибоедов, «Акылдан азап»), Атакан (Б. Жакиев, «Миң кыял»), Жарылган (М. Ауэзов, «Каракоз»), Жанчархан, Чындыкбай, Түлкүбаев (Т. Абдумомунов, «Алдар косо», «Ашырбай», «Тар капчыгай»), Киркирек (В. Вишневский, «Оптимисттик трагедия») ж. б. кейипкерлердин образын чебер жараткан.

КУДАЙБЕРДИЕВА Гүльмира Зулпукаровна (1962-ж. т., Кемин р-ну, Ильич айылы) – медицина илимд. доктору (2001). Кыргыз Респ-ның мамл. жаштар сыйл. ээси (1993). КММИни бүтүргөн (1985). Бүткүл союздук кардиология ил. борборунда (Москва) ординатураны (1987), Кыргыз кардиология ИИИнин аспирантурасын (1992) бүтүргөн, УКТБда лаборант, кенже, улук ил. кызматкер (1993–99). Түркиянын Адана ш-ндагы ун-тте доцент, 2000-жылдан Ескишехир ш-ндагы (Түркия) ун-тте проф. Кардиология б-ча адис. 120дан ашык ил. эмгектери, а. и. 1 монографиясы бар.

Эмг.: Реперфузионная терапия при остром инфаркте миокарда (в соавторстве). Б., 2000.

КУДАЛАШУУ – никелешүү алдында ата-энелердин никени [illegible]ралуу макулдашуусу, убадалашуусу. К-нун [illegible]онкүдой түрлөрү бар: *бел куда, бешик куда, [illegible]йчы куда*. К. демилгеси жигиттин ата-энеси[illegible] алар жиберген жуучу кыздын ата-энесине [illegible]жакын тууган-туушкандарына баруудан баш[illegible]олган. К. учурунда кыздын же жигиттин эрк[illegible], каалоосу эсепке алынган эмес.

КУДАЧА – келиндин эже-сиңдилеринин ж-а күйөөнүн эже-карындаштарынын бири бирине карата аталышы.

КУДА́ШЕВ Сайфи Фаттахович (жашырын аты – Сайфи Кудаш) [21. 9(3. 10). 1894, азыркы Башкырт АССРи, Чишмин р-ну, Кляшев айылы – 29. 6. 1993, Уфа] – башкырт совет акыны, Башкырт эл акыны (1964). Чыг-лыгы 1913-жылдан башталган. Ал чыгармаларын татар, орус тилдеринде жазган. К.– «Эркиндик ыры» (1917), «Соко ыры» (1926), «Күрош каармаңы» (1928), «Жүрогүм менен» (1956), «Менин бакчамда» (1964) ж. б. ыр жыйнактардын, «Октябрь», «Устаканада» (1920), «Кат» (1930) поэмаларынын, «Кушкаен» (1936) деген ыр м-н жазылган романдын ж-а «Унутулгус мүнөттөр» (1957) аттуу мемуардык китептин автору. К-дин ад-т таануу б-ча да эмгектери бар. Башкырт АССР Жогорку Советинин депутаты (1947–63). Ленин ордени, башка 4 орден м-н сыйланган.

КУДАЯН Сарысейит уулу, Кудаян хан (т. ж. б. – болжол м-н 1683–84-ж., Фергана өрөөнү) – 17-к-дын 70–80-жылдарында кыргыздарды башкарган хан. *Сарыбагыш* уруусунан чыккан *Манап бийдин* тукуму. Сарысейиттин *Үчүкө, Түлкү, К., Эрдене* аттуу 4 уулу болгон. Кыргызды адегенде Үчүкө, Түлкү бийлеп, алар Жаңыл мырза колдуу болуп олгондо, кыргыздын *багыш* уруусунан Калматай, Көкүмдүн уулу Кантейиштер ж. б. кеңешип, К-ды хан которушкон. К. башкарган мезгил оор заманга туш келген. Калмактардын кысымына туруштук бере албай, кыргызга учураган кыргыздар Ферганага сүрүлгөн [к. *Жунгар хандыгы (1635–1758). Кыргыз-калмак (ойрот) согуштары* (17–18-к.)]. Элдин башынан өткөн оор кыйынчылыктар К. хандын текеберлигинде, жөндөмсүздүгүнө байланышкан. Айрым маалыматтарда Үчүкө, Түлкү олгондо К. 10–12 жашар бала экендиги, аның тукуму азыркыга чейин Оро-Тобо, Хожентте турганы ж-дө айтылат. Кийинки изилдөөлөр б-ча Кочкор, Кетмен-Тобо, Талас өрөөнүндөгү сарыбагыштын тоголок (томолок) уруусу өзүлөрүнүн түпкү атасын К. деп таанышат.

Ад.: *Абрамзон С. М.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1999; *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. Т. 1.. Б., 1993; *Сыдыков О.* Кыргыз санжырасы. Ф., 1990.

Э. Турганбаев.

КУДАЯРОВ Дүйшө (26. 4. 1939-ж. т., Ош обл., Кара-Суу р-ну) – медицина илимд. доктору (1981), проф. (1984). КР УИАнын академиги (2000). КР мамл. сыйл. лауреаты (1992). КРдин илимге эмг. син. ишмери (1995). КММИни бүтүргөн (1962). Кыргыз акушердик ж-а педиатрия ИИИде улук ил. кызматкер, бөлүм башчы, директордун орун басары ж-а 1992–2004-ж. директору, 1988-жылдан КММИде кафедра башчысы болуп иштеген. 2007-жылдан КР УИАнын вице-президенти. Педиатрия б-ча адис. Көптөгөн эл аралык педиатрлар коомунун ж-а ассоциацияларынын мүчөсү. Түрк тилдүү өлкөлөрдүн педиатрлар ассоциациясынын 1-президенти (Түркияда шайланган). 220дан ашык ил. эмгеги, а. и., 13 монография, 36 окуу куралы ж-а методикалык колдонмо, 5 ойлоп табуусу бар. III даражадагы «Манас», Элдердин достугу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.



Эмг.: Физиологические особенности крови новорожденных детей. Ф., 1983; Принципы индивидуализации кортикостероидной терапии у детей. Ф., 1986; Гематологическая оценка адаптационных возможностей организма человека. Б., 1993; Внутритробные инфекции у новорожденных детей (окуу курал). Б., 1995.

КУДАЯР ХАН (1829, Талас өрөөнү – 1879, Афганстан) – Кокон хандыгынын ханы. *Шераалы* хандын тун уулу. Энеси кыргыздын саруу уруусунан чыккан Токтоназардын кызы *Жаркынайым* болгон. Кокондун тагына үчжолу отурган (1844–58; 1862–63; 1865–75).



Шераалы хан өлтүрүлгөн соң (1844/45), *Мусулманкулдун* кызын алып, аның жардамы м-н хандыкка жеткен (к. *Кокон хандыгы*). Бирок 1852-ж. Мусулманкулду өлтүртүп, ага жан тарткан кыпчактарды аёосуз кырдырган (к. *Кыпчак кыргыны*). Өз алдынча бийликке ээ болгондон кийин Бухар эмирлиги м-н согушуп, 2 жолу (1862, 1863) Коконду таштай качкан. Мындан тышкары шаардык «сартийпа» өкүлдөрүнө таянып, кыр-

гыз бийлерин катуу кысымга алган. Натыйжада, 1857- ж-а 1873-ж. Фергана өрөөнүндө ага каршы кыргыздар башында турган элдик кыймылдар болуп өткон (к. *Кокон көтөрүлүштөрү*). Орустардын жардамына ишенген К. х. акыркы жолу 1875-ж. 22-июлда тактысын калтырып, Ташкентке келип, генерал К. П. Кауфмандан жардам сураган. Орус бийлиги анын 140000 рубльден турган күмүшүн Мамл. банктын Ташкент ш-ндагы бөлүмүнө тапшыртып, аны үй-бүлөсү, жакындары м-н 12-августта Оренбург ш-на жер оодарткан. Казак бийлеринин жардамы м-н 1877-ж. Оренбургдан Афганстанга качып, андан Мекеге барып, зыярат кылган. 1879-жылдын аягында Афганстандагы Мазари-Шариф ш-на жакын жерде өлүп, сөөгү ошол жердеги Каррух көрүстөнүнө коюлган.

Ад.: *Кененсариев Т.* Кыргызстандын Орусияга каратылышы. Б., 1997; *ошонуку эле.* Кокон хандыгы жана кыргыздар. Ош, 1997; *Зиявуддин Максым (Магзуми).* Фергана хандарынын тарыхы. Б., 2007.

КУДЫМКА́Р – Коми-Пермяк автономия округунун ж-а Кудымкар р-нунун адм. борбору. Россиядагы шаар. Иньва д. Кува д-на куя бериште, Менделеев т. ж. бекетинен 104 *км* аралыкта жайгашкан. Калкы 31,0 миң (2009). Жолдор тоому. Алгач 1579-жылдан эскерилет. 1938-жылдан шаар. Храмдар, жыгач үйлөр сакталган. Токой тилүү, металл иштетүү, тамак-аш, жеңил ө. ж. ишканалары, ремонт-механика з-ду иштейт. Ин-т, ун-ттин филиалдары, китепканалар, драма театр, край таануу музейи бар.

КУ́ЖЕЛО Эрнест Францевич (1890, Австрия-Венгрия, Кутенберг – 1934) – О. Азияда совет бийлигин орнотууга жигердүү катышкандардын бири. 1-дүйнөлүк согушта өз ыктыяры м-н орус армиясынын колуна түшүп (1914), чех корпусуна кошулуп, алардын арасында рев-ячыл үгүт иштерин жүргүзгөн. 1918–19-ж. чет өлкөлүк коммунисттер к-тинин Кокондогу төрагасы, «3-Интернационал» атн. аскер бирикмесинин, өз алдынча ферганалык атчандар бригадасынын командири. 1920–21-ж. басмачылар ж-а Бухара эмиринин аскери м-н салгылашууларга жетекчилик кылган. 1921–23-ж. Өзгөн-Алай аймагында атайын кызмат аткарган 1-ферганалык атчандар полкун ж-а айрым бөлүктөрдү башкарган. 1924-жылдан СССР рев-ячыл Аскер советинде, Бүткүл россиялык Эл чарба советинде жооптуу кызматтарды аткарган.

КУЗНЕЦК АЛА-ТООСУ – Сибирдин түштүгүндөгү тоолуу аймак; Кузнецк ж-а Минуса (Миң-Суу) ойдундарынын аралыгында жайгашкан. Уз. 300 *км*дей. Бийикт. 2178 *м*ге чейин. Акиташ теги, кварцит, кремнийлүү ж-а чополуу сланецтерден туруп, аларды көптөгөн гранит интрузиялары ж. б. жиреп чыккан. Кен байлыктары: темир, марганец, алтын, хром, боксит ж. б. Өтө тилмеленген жапыз ж-а орто бийик тоо массивдеринен турат. Тоо тайгасы (көк карагай, карагай, бал карагай) басымдуу. Деңиз деңг. 1300–1500 *м*ден ойдо мамык чөп-эңилчектүү, бадалдуу ж-а таштуу тундра мүнөздүү. Шагылдар м-н капталган, жылаңач аскалуу беттер да кездешет.

КУЗНЕ́ЦК КӨМҮР БАССЕЙНИ, Кузбасс – Россиядагы ж-а дүйнөдөгү эң ири көмүр бассейндеринин бири. Кемеров, Новосибирь обл-нын аймагында. Аянты 26,7 миң *км*², уз. 335 *км*ге чейин, туурасы 110 *км*. Өндүрүштүк көмүрлүү катмардын чөгүндүлөрүнүн жалпы аянты 20 миң *км*²ге жакын. Чалгындалган запасы 61,6 млрд *т*. А. и. 39,5 млрд тсы өндүрүштүк иштетүүгө ылгайлуу. Кокс көмүрүнүн запасы 57,6 млрд *т*. Таш көмүрдүн алгачкы кени 1721-ж. Томь д-нын жээгинде (азыркы Кемеров облы-ын аймагы) ачылган. 1842-ж. геолог П. А. Чихачев 1-жолу аймактын көмүрдүүлүгүн аныктап, «Кузнецк бассейни» деп болгон. Көмүр 19-к. дын 2-жарымынан ачык ж-а жер астынан казылып алынууда. Бассейн – геол. түзүлүшү б-ча кембрий мезгилинде ийилип, палеозой, мезозой ж-а кайнозой заманда-рынын тоо тектери м-н толуп калган ойдун. Көмүр девондун ортосунда пайда болгон чокмолордо ж-а карбондун аягынан тартып, юранын кумдук-чополуу чөкмө катмарларынан орун алган. Тоо тек катмарлары бир нече жолу тектон. бүктөлүүлөргө учурап, татаалданган. 126 өндүрүштүк катмары бар. Алардын калыңдыгы 1,3–3,5 *м*ден 20–30 *м*ге чейин. Көмүрдүн бардык түрү (күрөңдөн антрацитке чейин) кездешет. Күлдүүлүгү 7–20%тей, нымдуулугу 5–15%, курамында күкүрт 0,4–0,6%, фосфор 0,12%. Күйүү жылуулугу 33,3–36,0 *МДж/кг*. Карьерден ж-а жер астынан казып алынат. Бассейнде көмүрдөн башка темир кенташы, чым көн, акиташ теги, отко чыдамдуу чопо, курулуш материалдары, кооз таштардын кендери бар ж-а айрым бургулоо көзөнөктөрүнөн (скважинасынан) нефть м-н газ (метан 13 трлн $м^3$) да чыгат.

КУЗНЕ́ЦК ОЙДУҢУ Батыш Сибирдин түштүгүндө; түн.-чыгышынан Кузнецк Ала-Тоосу, түш.-батышынан Салаир токол тоосу, түштүгүнөн Тоолуу Шория м-н чектешет. Кемеров облнун аймагында. Уз. 400 *км*, туурасы 120 *км*ге чейин. Томь, Иня ж. б. суулардын (Обдун куймалары) өрөөндөрү м-н тилмеленген күдүрлүү түздүк; деңиз деңг. бийикт. түндүгүндө 200 *м*ден, түштүгүндө 500 *м*ге чейин; борб. болүгүндө бийикт. 740 *м*ге жеткен токол тоолор жайгашкан. Дүйүм чөп-ак кылкандуу талаа ландшафты басымдуу (азыр көп бөлүгү айдалган); айрым жерлеринде кызыл карагай-кайың токойлуу талаа кездешет. Чыгышын көк карагай, байтеректүү тайга ээлейт. Ойдундун аймагында *Кузнецк көмүр бассейни* бар.

КУЗНЕЦО́В Владимир Дмитриевич [30. 4(12.5). 1887, Миасс, азыркы Челябинск обл. – 13. 10. 1963, Томск] – орус совет физиги, СССР ИАнын академиги (1958; корр. мүчө, 1946), Соц. Эмг. Баатыры (1957), СССР Мамл. сыйл. лауреаты (1942). РСФСРдин илимге эмг. сиң. ишмери (1934). Петербург ун-тин бүтүргөн (1910). 1911-жылдан Томск ш-ндагы ЖОЖдордо, 1917-жылдан Томск ун-тинде (1920-жылдан проф.) иштеген. 1929-жылдан оз демилгеси м-н уюштурган Сибирь физика-тех. ин-ттун директору. Катуу перселердин касиеттерин, технол. иштетүүдө аларда болуучу өзгөрүлүштөрдү изилдеген. Кристаллдын беттик энергиясы, катуулугу сыяктуу касиеттери, катуу перселердин ички сүрүлүүсү, металлдын мо- ж-а поликристаллдарынын ийкемдүүлүгү, бышыктыгы, кристаллдашуунун механизми, металлдын ж-а куйманын сыртқы бетинин сүрүлүү ж-а жетилиши, кесүү м-н металлды иштетүү ж. б. б-ча изилдөө иштерин жүргүзгөн. Кесүүнүн физ. теориясынын негизин иштеп чыккан, металлды ылдамдатылган кесүүнүн мүмкүндүгүн теорияда далилдеген ж-а тажрыйбада аныктаган. Үч Ленин ордени м-н сыйланган.

КУЗНЕЦО́В Николай Иванович (22. 7. 1932-ж. т., Казакстан, Жамбул обл., Кордой р-ну, Кордой (мурдагы Георгиевка) айылы) – а. ч. илимд. доктору (1973), проф. (1976). Кыргыз ССРинин эмг сиң. агроному. К. И. Скрябин атн. КАЧИни (1955), ошол эле жерде аспирантураны (1958) бүтүргөн. 1958–63-жылдары Кыргыз дыйканчылык ИИИде ил. кызматкер, улук ил. кызматкер, лабор. башчысы, 1963-жылдан К. И. Скрябин атн. КАЧИде кафедра башчысы, 1971–83-жылдары ф-ттин деканы, 1991–96-жылдары Кыргыз топурак таануу ж-а агрохимия ИИИнин директору ж-а КАЧИде проф. 1996– 2001-жылдары КАУда кафедра башчысы, 2001-жылдан кафедрада проф. Агрохимия, өсүмдүк өстүрүүчүлүк ж-а топурак таануу илими б-ча адис. 210дон ашык ил. эмгектин, а. и. 9 монографиянын автору. «Данакер» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

Эмг.: Агрохимические основы урожая кукурузы. Ф., 1980; Научные основы и рекомандации по применению удобрений в Киргизии. Ф., 1984.; Агрохимические основы высокой продуктивности озимой пшеницы (в соавторстве). Б., 2003.

КУЗОРДО, Хосунордо, Хус-Ордо – о. кылымдардагы *Караханид мамлекетинин* борборлорунун бири. В. В. Бартольд кара-кытайлардын гурханы турган ставка (бекем, күчтүү ордо, борбор) же «Хото» («үй») деп эсептеп, аны Чүй суусунун жээгине жайгаштырат. М. Кашгаринин эмгегинде *Баласагун* ш. К. деп аталып калган. Бирок орду так белгиленген эмес. К-ну араб, фарсы маалыматтарындагы Ордо (Орду) ш. м-н салыштырууга болот. Аны Н. А. Бернштам азыркы *Кызыл-Суу шаар калдыгы* деп болжолдогон. К-нун аталышы о. кылымда кыргыздар сыйынган Куну Куту деген (*«Худуд ал-Алам-да»* белгиленгендей хото, хуту – «ажыдаардын мүйүзү» арабча «шахи-и аждаза») белгисиз жаныбардын мүйүзүнө байланыштуу аталган деген ойлор да айтылат. Башка маалыматтар б-ча Кара-Балта суусунун Чүйгө кошулган жерине (Казакстан, Ак-Тобо ш-нын урандысы) жакын орун алышы мүмкүн. Баласагун ш-нын жайгашы тууралуу да айрым карама-каршы көз караштар бар. Кыргыз санжыраларында Баласагун (Баласагын) ш. Сыр-Дарыянын ортонку агымы, б. а. Отор (Отрар) ш-на жакын жайгашканы айтылат.

Ад.: *Байпаков К. М.* О древних городах Суяб и Баласагун. //Вестник АН Каз.ССР. №1, 1976; *Горячева В. Д.* Средневековые городские центры и архитектурные ансамбли Киргизии. Ф., 1982; *Алдабергенов Н. О.* Раскопки шахристана на городище Актобе. Средневековые города Южного Казахстана. А.-А., 1986; *Бартольд В. В.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана – Б., 1996; *Чоротегин Т. К.* Махмуд Кашгари (Барскани) жана анын «Дивану лугати т-түрк» соз жыйнагы (1072–1077). Б., 1997; *Бернштам А. Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 2. Б., 1998; Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана. /Сост. Т. Джуманалиев Т. 1. Б., 2007; Балыкооздун санжырасы. Б., 2009.

Э. Тургынбаев.

КУ́ИНЖИ Архип Иванович [15(27). 1.1842 же январь, 1841, Мариуполго жакын Карасу (Карасёвка) деген жер – 11(24). 7. 1910, С.-Петербург] – орус живописчиси, пейзажист. Сүрөт тартууну өз алдынча ж-а Петербург сүрөт академиясынан үйрөнгөн. К. 1892-жылдан академиянын проф., 1894-жылдан анык мүчөсү, 1894-жылдан пейзаж б-ча онорканаын проф.-жетекчиси. Алгачкы чыгармалары И. Айвазовскийдин таасиринде жаралган. К-нин пейзаждык картиналары: «Унутулган кыштак» (1874). «Чумактар жолу» (1875; экөө тен Третьяков гал.). Кийинки чыгармаларында К. табият көрүнүшүн поэтикалык маанайда берүүгө аракеттенген ж-а алар декоративдүүлүгү м-н айырмаланат («Украина түнү», 1876; «Кайындуу токой», 1879; «Добулдан кийин», 1879; үчөө тен Третьяков гал.). К. Сүротчүлөр коомун түзүүнүн демилгечиси (1909; кийин коом К-нин ысмы м-н аталган).

А. И. Куинжи. «Днепр түнү». 1882. Третьяков галереясы, Москва.



Ад.: Марков В. А. И. Куинджи, М., 1969; *Манин В. С.* И. Куинжи. М., 2004; *Голщина И.* Куинжи. М., 2008.

КУ́ЙБЫШЕВ (1931–51-ж. Таш-Дөбө) – Нарын р-нундагы кыштак. Мин-Булак айыл округуна караштуу. Тоо этегинде, Он-Арча суусунун сол өйүзүндө, деңиз денг. 2060 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Нарын ш-нан 30 *км* түн.-батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 212 *км*. 1951-ж. «Таш-Дөбө», «Өрнөк» кыш-нын кошулушунан пайда болгон. Калкы 3487 (2009); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб бар. Дарыкана, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү, 4 тегирмен, мончо, амбулатория иштейт.

КУЙМА, дарыя куймасы – негизги дарыяга куйган суу. Кээде көл м-н деңизге куйган суулар да К. деп аталат. Башкы дарыянын аккан багытына карай анын оң, сол куймалары, о. эле суу курамдары болот. Дарыянын эң чилүү аты башталганга чейинки К-лары суу курамы же түзүүчүсү деп аталат.

КУЙМАК – майга бышырылган нандын бир түрү; К. кыргыздын эски, чүйгүн тамактарынын бири. Анын камыры суйдак жуурулуп, ачытылат да, сары майга гана бышырылат. К-тын камырынын жуурулушуна ж-а жасалышына жараша бир нече түрү бар. Камырына жумуртка кошулуп, сүткө суюк жуурулуп, сары майга куюлса кор К., камыры жумшак жуурулуп, колго созулуп бышырылганы созмо К., камыры катуу жуурулуп, колго чоюлуп, ичкелиги сөөмөйдөй болгондо, бурап-бурап бышырса бурама К., сүт, жумуртка, пияз кошулуп, ун чалынган, ачыбаган суюк камырды сары майга куюп, бышырса чалмакей К. деп аталат.

Ад. *Бөрүбаев* Т. Кыргыз тамак-ашы. Ф., 1976.

КУЙРУК – сыйлуу устукандардын бири; койдун куймулчак сөөгүнө туташкан майлуу бөлүгү. К. салт б-ча негизинен аялдарга тартылат. О. эле жука кесилип, боор м-н бирге тамак алдында да меймандарга сунулат, к. *Куйрук-боор*.



КУЙРУК-БООР – койдун бышкан куйругу м-н боорунан жука кесилип, атайы чыкка (туздуу сорпого) чыланып, даярдалган тамак: Кой сойгондо куйрук м-н боорду эт м-н кошо бышырат. Боорду эттен кийин салып, бир кайнатып, алып коёт. К. б. тамак тартылар алдында берилет.

КУЙРУЧУК [өз аты-жөнү – Кудайберген Өмүрзак уулу; 1866, Курманкожо-Кулжыгач (азыркы Нарын обл., Жумгал р-ну, Куйручук айылы) – 1940, ошол эле жер] – эл куудулу, ырчы. Атасы Өмүрзак көрүнгөн



[illegible]йга жалчы жүрүп ookат [illegible]өргөн. Энесинен эрте а[illegible]раган. 14 жашынан ба[illegible]рдын жумушун кылып [illegible]рмуштун оордугун ко[illegible]ткан. Ошон үчүн эзүүчү[illegible]м-н жарды-жалчылар[illegible]а ортосундагы тымызын [illegible]аршылыкты, курч келиш[illegible]стикти эртерээк ажыратып, коомдук мамилелерге сергек кароого үйрөнгөн. Ал өз чөйрөсүндөгү бай-манап, молдо, бий-болуштардын терс кылык-жоруктарын эл алдында тартынбастан ашкерелеген. Мис., «Жалаада» манап уялбай өз кылмышын кедей жигитке жабыштырганын ашкерелеп, К. курч, отүмдүү сөзү м-н кедей жигитти манаптын жалаасынан куткарып алат. «Бейиттеги үн», «Арбак» дегендей жоруктарында динчилерди ж-а аларга сокур жетелегендерди мыскылдайт. «Манасым барда кайда болсо кономдо» сараң кишилерди сынга алат. К. куудул гана эмес, төкмө акын да болгон (мис., атактуу Найманбай ырчы м-н айтышы). Ал «Манас» жомогунун айрым бөлүгүн ж. б. дастандарды да айткан. Кыргыздын оозеки чыгармаларын, улама создөрүн, санжырасын коп билген, кепке уста, ашкан чечен адам болгон. К-тун куудул сөздөрү бизге толук жеткен жок. Анын таамай айтылган курч сөздөрү, күлкүлүү жоруктары эл ичинде алигүнчө ылакап катары айтылат. 27 жашка чыкканга чейин 18 жолу балбан күрөшкө түшконун өзү эскерген («Кыргызстан пионери», 1938, № 54). Алган байгелерин жарды-жармачтарга таратып берчү экен. Жазуучу К. Бектенов К-тун мурасын чогултуп, ал ж-дө китеп жазган.

Ад.: *Бектенов К.* Куйручук. Ф., 1960; Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Ф., 1973. *Осконалы Э.* Кудай сүйгөн Куйручук. Б. 2011.

КУЙРУЧУК, Багыша́н – Нарын обл-нун Жумгал р-нундагы кыштак. Куйручук ати. айыл округуна караштуу. Жумгал суусунун ж-а Бишкек – Чаек автомобиль жолунун боюнда, деңиз денг. 1980 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Чаек кыш-нан 35 *км* чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 145 км. Кыштак 1930-ж. негизделген. Калкы 2269 (2009); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, 2 китепкана, мад-т үйү бар. Үй-бүлөлүк врачтар тобу, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Ушул кыштакта туулган кыргыз эл куудулу *Куйручуктун* ысымынан аталган.

КУ́ЙТО КӨЛДӨРҮ, Жогорку Куйто, Ортонку Куйто, Төмөнкү Куйто – Карел Респ-нын түн.-батышындагы 3 көл. Жалпы аянты 600 *км*²дей. Бири-бири м-н салаалар аркылуу туташат. Эң терен жери 44 *м* (Жогорку Куйтодо). Ноябрда тонуп, майда ачылат. Көлдөрдөн Кем[illegible]д. башталат; 1956-жылдан суу сактагыч.

КУК Жеймс ([illegible]10. 1728, Улуу Британия Йоркшир графтыгы[illegible]артон, – 14. 2. 1779, Гавайи а.) – англис деңиз [illegible]катчысы. Жер шарын айланып чыккан 3 эк[illegible]дицияга жетекчилик кылган. Тынч океанда[illegible]11 архипелагды ж-а 27 [illegible]лды ачкан. Канададагы, Жаңы Зеландиядагы деңиз өткөөлдөрүн ж-а алардын жээктерин (1759, 1763–67), Австралиянын чыгыш жээгин ж-а Жаңы Гвинеянын бир бөлүгүн картага түшүргөн (1768–71). Биринчи экспедициясында (1768–71) Жаңы Зеландия 2 аралдан (Түш. ж-а Түн.) тургандыгын далилдеген. Аларды бөлүп турган кысыкты, Австралиянын чыгыш жээгин, Чоң Тоскоол рифин изилдеп, экинчи экспедициясында (1772–75) Түш. жарым шардагы мелүүн алкактарда кургактыктын ири массивдери жок экендигин аныктап, Жаңы Гебрид а-нын түш. тобун, Жаңы Каледонияны, Норфолк а-н, Туамоту архипелагынын 2 атоллун, Коом, Кук а-нын түш. бөлүгүн картага түшүргөн. Азия м-н Американын ортосунда кысык бар экенин толугу м-н далилдеген. 1773-ж. тарыхта 1-болуп Түш. уюлдук тегеректи кесип өтүп, 71°10′ түш. кендикке жеткен. К. Уюл жакта материк же ири кургактык бар экенин божомолдогон, бирок аны издөөну токтотууга аргасыз болгон. Үчүнчү экспедициясында (1776–79) Гавайи а-на жетип, Американын түн.-батыш жээгин изилдеген. К. Гавайи а-ндагы жерг. калк м-н болгон кагылышта курман болгон. Жаңы Зеландиянын Түш. а-ндагы тоо, Тынч океандагы аралдар тобу (Кук архипелагы), Жаңы Зеландиядагы Түш. ж-а Түн. а-н бөлүп турган кысык. Аляскanын жээгиндеги булуң К-тун ысмынан аталган.



Эмг.: Первое кругосветное плавание. Плавание на «Индевре» в 1768–1771 гг., М., 1960; Второе кругосветное плавание. Плавание к Южному полюсу и вокруг света в 1772–1775 гг., М., 1964; Третье плавание. Плавание в Тихом океане в 1776–1780 гг., М., 1971.

Ад.: *Свет Я. М.* История открытия и исследования Австралии и Океании. М., 1966; *он же.* Д. Кук. М., 1979; Оксфордская иллюстрированная энциклопедия. Т. 1. Физический мир. М., 2000; Новейший энциклопедический словарь. М., 2006.

КУК АРАЛДАРЫ – Тынч океандын борб. бөлүгүндөгү архипелаг. Полинезияда. Жаңы Зеландия м-н эркин ассоциациядагы «өзүн-өзү башкарган аймак». Архипелаг 15 аралды камтып, эки топко (Түш. ж-а Түн.) бөлүнөт. Ири аралдары: Раротонга, Мангаиа, Пенрин, Ракаханга, Манихики, Дейнжер, Суворов ж. б. жанартоонун аракетинен пайда болуп, бийикт. 652 *м*. Аянты 236,7 *км*². Калкы 19,8 мин (2009); негизинен полинезиялыктар ж-а маорилер жашайт. Расмий тили – кук (аралда жашаган маорилердин тили) ж-а англис тилдери. Адм. борбору – Авараруа (калкы 12,9 мин; Раротонга а-нда). Акча бирдиги – Жаңы Зеландия доллары.

Аралдын башчысы – Улуу Британия королевасы. Аралда Жаңы Зеландия өкмөтүнүн өкүлү да бар. Мыйзам чыгаруучу органы – парламент (Өкүлдөр палатасы).

Климаты тропиктик пассаттык, нымдуу. Жылдык орт. темп-расы 24°Сден (түштүгүндө) 28°Сге чейин (түндүгүндө). Жылдык жаан-чачынын саны 2000 *мм*. Ноябрдан апрелге чейин тайфундар болуп турат. Өсүмдүктөрү адамдардын таасиринен өзгөргөн. Раротонга ж-а Мангаиа а-нда нымдуу дайыма жашыл тропик токойлору сакталган. Кокос пальмасы, цитрус өсүмдүктөрү, ананас, банан, жашылча ж. б. өстүрүлөт. Орнитофаунага бай. Аралда эндемик 4 куштун түрү мекендейт.

Аралга 6-к-дын башынан полинезиялыктар отурукташа баштаган. Алгач аралды ачкандардын арасында орус деңиз сүзүүчүлөрү да болгон. Алар архипелагдагы бир атоллго Суворовдун ысмын ыйгарышкан. 1888-жылдан Улуу Британия протектораты. 1901-ж. К. а. Жаңы Зеландияга кошулуп, 1965-ж. өз ыктыяры м-н Жаңы Зеландияга бириккен. 1971-жылдан арал өз алдынча эл аралык укукка ээ субъект катары Тынч океан аралдары форумуна мүчө. 1974-ж. Жаңы Зеландияда К. а-нын чет өлкөдөгү өкүлчүлүгү ачылып, ал 1985-ж. элчилик болгон. 1987-ж. аралдын өкмөтүнө бейтараптыкты сактоо милдеттендирилген. К. а. БУУга мүчө болбогону м-н анын атайын уюмдарына кирет.

Кийим тигүү, мөмө-жемиш консервалары, арорут (крахмал) даярдоо өндүрүшү иштейт. Белек-бечкектерди чыгарат. Кара бермет, ташбака чопкуту чогултулат. Балык кармалат. Меймандкана ж-а туризм окуу борбору, Түштүк Тынч океан ун-тинин филиалы (Раротонга а-нда) бар. Туризм өнүккөн. Сырттан азык-түлүк, отун ж. б. алат. Башкы соода шериктештери: Жаңы Зеландия, Австралия, Япония.

Ад.: Острова Кука // Всё о странах мира, атлас-справочник. М., 2004; Кука острова // Большая Российская Энциклопедия. Т. 16. М., 2010.

Р. Карачалова.

КУК КЫСЫГЫ Жаңы Зеландиянын Түн. ж-а Түш. аралдарын бөлүп, Тасман деңизин Тынч океан м-н туташтырат. Уз. 107 *км*, туурасы 22–91 *км*, эң тайыз жери 97 *м*. Чыгыш жээгинде Жаңы Зеландиянын борбору – Уэллингтон (Веллингтон) ш. жайгашкан. Кысык Ж. Куктун ысмынан аталган.

КУ-КЛУКС-КЛАН – АКШдагы расачыл террористтик жашыруун уюм. *АКШдагы жарандык согуштан* (1861–65) кийин негрлерге ж-а алардын ак союздаштарына каршы күрөшүү үчүн



Ку-клукс-клан мүчөлөрүнүн чогулушу.

1865-ж. Пьюласки ш-нда (Теннеси штаты) түзүлгөн. 19-к-дын 70-жылдарында прогрессчил коомчулуктун кысымы м-н амер. өкмөт бул уюмга тыюу салган. Бирок К. к. к. өз ишин жашыруун улантып, 1-дүйнөлүк согуштан (1914–18) кийин, негрлердин боштондук кыймылынын жогорулоо кезинде, 1929–33-жылдардагы дүйнөлүк экон. кризис убагында ж-а 2-дүйнөлүк согуштан (1939–45) кийинки алгачкы жылдарда кайра күчөгөн. К.-к.-к-дын террорчул аракети АКШдагы прогрессчил уюмдарга каршы багытталган.

Ад.: *Иванов Р. Ф., Лисневский Э. В.* Ку-Клукс-Клан. М., 1981; Ку-Клукс-Клан. Белое движение в США. М., 2001.

КУКРЫНИ́КСЫ (фамилияларынын биринчи муунунан куралып, аягына орусча көптүк сан мүчөсү уланган ылакап ат) – графиктердин ж-а живописчилердин чыгармачыл тобу. К у п р я н о в Михаил Васильевич [8 (21). 10. 1903, Казан губерниясы, Тетюши ш. – 11. 11. 1991, Москва], К р ы л о в Порфирий Никитич [9 (22). 8. 1902, Тула губерниясы, Щелково кыш. – 15. 5. 1990, Москва], С о к о л о в Николай Александрович [8 (21). 7. 1903, Москвага жакын Царицын кыш. – 17. 4. 2000, Москва]. Москвадагы Вхутемас-Вхутеинде (1921–29-ж. аралыгы) окушкан. СССР сүрөт академиясынын анык мүчөлөрү (1947), СССР эл сүрөтчүлөрү



«Душманды аябастан талкалайбыз жана жок кылабыз!» 1941.

(1958), Соц. Эмг. Баатырлары (Купрянов – 1973, Крылов – 1972, Соколов – 1973). 1924-жылдан бирге иштеп, алгач көбүнчө адабият сюжеттеринен, ички ж-а эл аралык турмуштан алынган карикатураларды тартышкан. Улуу Ата Мекендик согуш жылдары К-нын карикатуралары, плакаттары ж-а «Окна ТАСС» үчүн тартkан сүрөттөрү адамдарга патриоттук тарбия берүүдө чоң роль ойногон. М. Салтыков-Щедриндин, А. Чеховдун, М. Горькийдин чыгармаларын коркомдошкон. Чыг-лык жамаат ыкмасы м-н иштешкен (өз алдынча портреттерди ж-а пейзаждарды тартышкан). СССР мамл. сыйл. (1942, 1947, 1949, 1950, 1951, 1975), Ленииндик сыйл. (1965) лауреаттары. Ленин ордендери, башка ордендер ж-а медалдар м-н сыйланышкан.

Ад.: Соколова Н. И. Кукрыниксы. 2-е изд. М., 1975.

КУКУНО́Р (монголчо хух – көгүлтүр, нор – көл), Ц и н х а й – Наньшань тоолорунун чыгыш бөлүгүндө жайгашкан туздуу туюк көл; Кытайда. Аянты 4,2 миң *км*²дей, терендиги 38 *м*ге чейин. Тоо аралык ороондо деңиз деңг. 3200 *м* бийикте жайгашкан. Ноябрдан мартка чейин муз каптайт. Балыкка бай.

КУЛ – 1) коомдук-социалдык турмушта кожоюндун жеке менчигине айланган, эч укугу болбогон эркек киши; эмгеги, тапкан мүлкү бирөөнүн менчигинде болуп, ага көз каранды болгон эрксиз адам. Адамзаттын тарыхында К-дун пайда болушу өзгөчө маанилүү этаптардын бири болуп саналат (к. *Кул эээлөөчүлүк түзүлүш*). Ал кыргыздардын социалдык турмушунда патриархалдык мүнөзгө ээ болуп, аны бай же ооматтуу адамдар кармашкан. К-дар жортуулдан колго түшкөндө, кербендерди каракчап алганда, соода-сатык ж. б. кырдаалда пайда болгон. *Кун* толой албагандар, алык-салыктын натыйжасында жакырданган адамдар да аргасыз К. болуп калышкан. Кыргыз коомунда К-дун бир нече түрү болгон. Боору такыр К. (атасы дагы К. болсо); жумшоо үчүн келген К. (кызын күйөөгө бергенде кызматчы катары); калыңга келген К.; байгеге сайылган К.; олжо К. (жоодон колго түшкөн туткун); сатыкка түшкөн К.; кирме К. (байдын кызматчысы); дене К. (боштондук албай, өмүр бою кулдукта жашаган адам); бакма же тондуу К.; жетесиз К. (уруктууганы, эл-журту жок) ж. б. үй, мал чарбасында кызмат кылган К-дар деп бөлүнгөн; 2) Кемсинтүү иретинде колдонулган. Мис., *байбиченин* балдары кичүү аялдан (токол) туулган балдарды К. дей кемсинтишкен. *А. Көчкунов.*

КУЛААЛЫЛ (Circus) – туйгундар тукумундагы жырткыч куштар. Дене уз. 41–60 *см*. Канаты ж-а куйругу узун, жерге жакын учканга ыңгайланган. Ыш чыгарбай, жай учуп, балапан, кемирүүчүлөр, кескелдирик, ба ж. б-ды илип жейт. Б тары узун болуп, чөптүү арасынан азыгын алганга ыңгайлуу. Башынын эки капталындагы жүнү үкүнү бети сымал тегерек. К-дын эркегинин түсү ачык, ургаачысы м-н балапаны күрөң же саргыч. Бардык материкте (Арктикадан башка) таралган. Келгин куш. КМШ өлкөлөрүндө 9, Кырг-нда 2 түрү ачык талааларда жашайт. Жерге уялап, 3–6 жумуртка тууп, ургаачысы 1 ай басат.



КУЛАК м е д и ц и н а д а – омурткалуу жаныбардын, адамдын угуу ж-а тең салмактуулукту сактоо органы. Сырткы, ортонку ж-а ички К. болуп бөлүнөт. Сырткы К. калкандан ж-а угуу өткөөлүнөн турат. Угуу өткөөлүнүн уз. 2,5 *см*че, кемирчек ж-а сөөк бөлүгүнөн туруп, чыкый сөөгүнө кирет. Угуу түтүгүнүн терисинде майда түктөр ж-а кулку иштеп чыгуучу без болот. К. калканы абадагы үн толкундарын тозуп алып, угуу өткөөлүнө жиберет. Үн толкундары угуу өткөөлүнүн түбүндөгү тарсылдак жаргагына урунуп, аны дирилдетип, кыймылга келтирет. Тарсылдак жаргагы сырткы К-ты ортонку К-тан болот. Ортонку К. тарсылдак, евстахий түтүгү ж-а упчу сымал урчуктан турат. Тарсылдак жаргак артындагы тарсылдак көңдөйүндө уктуруучу сөөкчөлөр – балкача, дошүчө, үзөңгүчө жайгашкан. Ички К. баш сөөктүн ичине кирип турган чыкый сөөгүнүн теренинен орун алган. Ал үлүл сымал болуп, татаал түзүлүштө ж-а суюктук м-н толгон. Анда мейкиндикте денени тең салмактуулукта сактоочу *вестибюль аппараты* жайгашкан. Үлүлдө сезгич угуу клеткалары бар. Ал клеткаларга К. калканы, сырткы өткөөл, тарсылдак ж-а угуу сөөкчөлөрү үн толкундарын өткөрөт. Андан угуу нерви аркылуу мээ кыртышына берилет. К. физиол. жактан үн өткөрүүчү (К. калканы, сырткы угуу өткөөлү, тарсылдак, лабиринт суюктугу) ж-а үн



Кулак: 1–кулак калканы; 2 – сырткы угуу өткөөлү; 3 – балкача; 4 – дошүчө; 5–жарым тегерек канал; 6 – үзөңгүчө; 7 – үлүлдүн босогосу; 8 – үлүл; 9 – евстахий түтүгү; 10 – тарсылдак көңдөйү; 11 – тарсылдак.

кабыл алгыч (угуу нерви, борб. өткөргүч ж-а мээ кыртышынын бөлүгү) аппаратка бөлүнөт.

КУЛАК – 1) негизги арыктан экинчи алышка суу бурулуучу жыгаан жер, бөгөт; 2) арыктагы суунун чени, өлчөмү; мис., «бир кулак суу». Термин Кырг-ндын аймагында топонимдин бир бөлүгү түрүндө да кездешет: Кулак-Ашуу (Ойнок-Жар тоосунда), Кулак-Суу (Ак-Талаа р-нунда) ж. б.

КУЛАК ЖАНЫНДАГЫ БЕЗДЕР, *к. Шилекей бездери.*

КУЛАККА ТАРТУУ – Совет бийлиги орногондон кийин бай дыйкандарга каршы колдонулган чара. К. т. И. В. *Сталиндин* жетекчилиги м-н 1929-ж. РКП(б)нин Ноябрь пленумунун чечимине ылайык ишке ашырыла башталган. Анын максаты а. ч-нда социализмди куруу болгону м-н кийин терең ойлонуштурулбаган саясат экени айкындалган. ВКП(б) БКнын (1930, 30-январь), БАК м-н ЭКСтин (1930, 1–4-февраль) токтомдору ж. б. көрсөтмөлөрү б-ча өлкөдө туташ коллективдештирүү башталып, *кулактардын* малмүлкү, жери тартып алынып, өздөрү сүргүнгө айдалууга тийиш болгон. Бул саясат Кырг-нда да ишке ашкан (к. *Кыргызстанда тап күрөшүнүн жүрүшү*). Башка жерге салыштырмалуу Кырг-нда кулактардын өтө аз болгонуна карабастан (мис., Союз б-ча 900 миңден анык чарба болсо, Кырг-нда ал 1,8%ти гана түзгөн), борбордон келген көрсөтмө б-ча дыйкан чарбасынын 3–5%ин К. т. керек болгон. Бирок аткаруу бийлигинде калыптанган «планды ашыруу» м-н аткаруу аракетинен улам орто дыйкан, ал эмес кедей-дыйкандар да кулакка тартылып кеткен. 1930–32-ж-га карата Кырг-нда 5086 киши кулак деп табылып, жеринен ажыратылып, көпчүлүгү Украина, Кавказ, Батыш Сибирь, Түн. Казакстанга көчүрүлгөн. Алардын айрымдары ошол жактарда калып калган.

Ад.: *Джуманалиев А.* Политическая история Кыргызстана. (Становление политической системы Кыргызского общества). Б., 2005.

Б. Сатаров.

КУЛАК ООРУСУ – кулактын ар кандай бөлүгүнүн сезгенүүсү. Мурундун ж-а мурун-кулкундун ооруларында евстахий түтүгү сезгенип, натыйжада тарсылдак көңдөйүнө абанын кирүүсү кыйындайт да, үндүн өтүшү бузулат. Евстахий

түтүгүнүн узак сезгенүүсүнөн ортонку кулак жабышып, тырык пайда болот, каңырыш уга баштайт. Балдардын угуусун көбүнчө *аденоиддер* начарлатат. Кээде урунуудан, баш соөгүнүн жабыркоосунан, мээ кабыгынын сезгенүүсүнөн (менингит), мээ кан тамырларынын склерозунан угуу бузулат. Угуу өткөөлүнүн бүтөлүп калуусунда, мис., кулку толуп калганда, каңырыш угушу мүмкүн. Кулактын ичине кокусунан бөтөн заттар – курт-кумурска кирип кетсе ж. б. учурларда угуу начарлап, аларды алып салгандан кийин кайра калыбына келет. Кулактын өнөкөт ооруларын узак убакыт жакшы дарылабаса, дүлөйлүккө алып келүүсү ыктымал. Жугуштуу ооруларда (*грипп, менингит, кызылча* ж.б.) *антибиотикти* баш аламан ичүүдөн ортонку, ички кулак, угуу нервдери жапа чегиши мүмкүн. Кесипке байланыштуу укпай калуу өндүрүштүк ызы-чуунун ж-а дирилдөөнүн (термелүү) таасиринен пайда болот. К. о-н алдын алууда ж-а угууну сактоодо мурун м-н дем алуу чоң мааниге ээ. Ошондуктан баланын аденоид, полип, гайморит ооруларын өз убагында дарылоо, мурун тосмолорунун кыйшыгын түзөтүү ж. б. зарыл.

КУЛАКТАР – социалдык жикке бөлүнүшүнөн улам пайда болгон айыл-кыштактагы оокаттуу дыйкандар. К. мал-мүлкү, үй-тиричилиги, ээлеген жери б-ча башка дыйкандардан байыраак болгон. Россияда К. крепостнойлук укук жоюлгандан (1861) кийин калыптанып, капитализмдин өнүгүшүнө зор роль ойногон. Бирок, маданий, турмуш-тиричилиги жагынан башка дыйкандардан айырмаланган эмес. Кырг-ндагы К-дын катмарын 19-к-дын аягы – 20-к-дын башында Борб. Россиядан көчүп келишкен орус, украин, беларус дыйкандары түзгөн (к. *Кыргызстандын Россияга кошулушу, Келгиндер башкармалыгы, Столыпиндик агрардык реформа*). Түшүмдүү, ири жерлерге ээ болуп, акырындап а. ч. капиталисттерине айланышкан. Алып-сатарлыктын аркасында ө.-ж., соода, курулуш ж. б. капиталы м-н кызматташып, кедей-дыйкандарды жалдап иштетишкен. Совет бийлиги орногондон кийин ишке аша баштаган социал.–экон. кайра курууларга каршы чыгып, жер-жерлерде куралдуу көтөрүлүш (мис., 1918-ж. август Талас, 1919-ж. июль Түп, 1920-ж. ноябрь Нарындагы козголоңдор) уюштурушкан. Туташ коллективтештирүү учурунда К. тап катары эсептелинип, жери тартып алынып, өзүлөрү камалып, сүргүнгө айдалып, биротоло жоюлган (к. *Кулакка тартуу*). *Б. Сатаров.*

КУЛАН (Eguus hemiomus) – жылкы сымалдар тукумундагы сыңар туяктуу жаныбар. Дене уз. 2 *м*дей, бийикт. 125 *см*дей. Башы чоң, кулагы узун, буту ичке, кууш туяктуу, жалы кыска, өңү саргыч күрөң, жону кара сызыктуу, куйругунун учу чачыдай, кара. Борб. Азиянын чөл, жарым чөлдөрүндө жашайт. 3–50дөн үйүр түзүп жүрөт. 2–3 жашында жыныстык жактан жетилет. ТКЭ-Стин Кызыл китебине катталган.

КУЛАНАК – Нарын р-нундагы кыштак. Учкун айыл округуна караштуу. Нарын д-нын сол өйүзүндө, Нарын – Казарман жолунун боюнда, деңиз деңг. 1850 *м* бийиктикте жайгашкан. Райондун борбору Нарын ш-нан 44 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. [illegible]жетинен 334 *км*. Кыштак 1907-ж. негизделген [illegible]алкы 2705 (2009); негизинен мал м-н алекте[illegible] Орто мектеп, китепкана, клуб, кесиптик-т[illegible] окуу жайы бар. Үйбүлөлүк врачтар тобу, [illegible]чо, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүм[illegible], 9 тегирмен иштейт. Улуу Ата Мекендик сог[illegible]та курман болгондорго эстелик тургузулган. Кыштакта Соц. Эмг. Баатырлары Ж. *Кулумбаев*, Т. *Эркимбаев* ж-а Кыргыз ССРинин эл артисти Т. *Жумакаева* туулган.

КУЛАН-КОРУК ШААР КАЛДЫГЫ – 10–12-к-га таандык шаар урандысы. Кыргыз Ала-Тоосунун этегинде, Талас ш-нын түндүгүндө жайгашкан. Шаар калдыгынын орто чениндеги чоң дөбө чептин калдыгы болсо керек. К.-К. ш. к. о. кылымга таандык Текабкет ш. болушу мүмкүн. Шаардын калкы шаар аймагынан чыккан булактан чопо куурлар аркылуу суу м-н камсыз кылынып турган.

КУЛАН-САЙ АРХЕОЛОГИЯЛЫК ЭСТЕЛИКТЕРИ – б. з. ч. 2-миң – б. з. 1-миң жылдыгына таандык көрүстөндөр, аска бетиндеги сүрөттөр ж-а жазуулар. Талас ш-нан 7 *км* түн.-чыгышта, Кыргыз Ала-Тоосунун түш. бөлүгүндөгү капчыгайда жайгашкан. Бул капчыгайдын экинчи аты жерг. жашоочулардын арасында Кулан же Чийим-Таш деп айтылган. Алар Кулан-Сайдын жээгиндеги түзөндөргө жайгашып, бийикт. 1 *м*ге жеткен таш, топурактар м-н корумдалган. Таштардын бетине кишилердин, тоо эчкилердин, жырткыч айбанаттардын сүрөттөрү чеберчилик м-н тартылган. О. эле аска бетинен 18 саптан турган согд жазуусу табылып, андан 100гө жакын түрк элдерине мүнөздүү эркек ж-а аял аттары кездешкен. К.-С. а. э-н Д. Ф. Винник, Ч. Жумагулов, В. А. Лившиц, Я. А. Шер изилдеген.

КУЛАТОВ Төрөбай (2. 5. 1908, азыркы Ноокат р-ну, Кызыл-Булак кыш. – 18. 2. 1984, Фрунзе) – сов. мамл. ж-а парт. ишмер. Ош обл. парт. мектебин (1936), КПСС БКнын Жогорку парт. мектебин (1961) бүтүргөн. 1926–33-ж. т. ж. жумушчусу, Кызыл-Кыядагы «Жал» шахтасында забойщик, шахта к-тинин, көмүр казуучулар союзунун төрагасы, парт. к-ттин секретары, 1938-жылдан Кызыл-Кыя шааракомунун, «Кыргыз көмүр» трестинин төрагасынын орун басары,



1938–45-ж. *Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин*, 1945–78-ж. *Кыргыз ССР Жогорку Советинин* Президиумунун төрагасы, ошол эле мезгилде СССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасынын орун басары болуп иштеген. СССР Жогорку Советинин (1937–79), Кыргыз ССР Жогорку Советинин (1938–80) депутаты. 5 Ленин, Октябрь Революциясы, 4 Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: *Э. Эрмат[illegible]*. Легендага айланган өмүр. Б., 2008.

КУЛБАЕВ К[illegible]бар [1908, Жалал-Абад (мурдагы Ош) обл., [illegible]азар-Коргон р-ну, Кыргыз-Гава кыш. – 198[illegible] ошол эле жер] – малчы [illegible]ц. Эмг. Баатыры (1948). [illegible]6–46-ж. Ош (азыркы Ж[illegible]ал – Абад) обл-нун Ле[illegible]н (азыркы Ноокен) р-нундагы Фрунзе атн. колхоздо бригадир, кийин башкарма, жылкычы болуп иштеген. 1947-ж. 50 бээден 50 кулун алып, аман асыраган. Ленин ордени м-н сыйланган.



КУЛБАЕВ Маман [1917, азыркы Жалал-Абад обл., Базар-Коргон р-ну, Кыргыз-Гава кыш. – 1987, ошол эле жер] – малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Ош (азыркы Жалал-Абад) обл-нун Ленин (азыркы Ноокен) р-нундагы Киров атн. колхоздо талаачылык бригадасынын бригадири, жылкы фермасынын башчысы болуп иштеген. Ал башкарган ферма 1947-ж. 50 бээден 50 кулун алып, аман асыраган. Ленин ордени м-н сыйланган.



КУЛБАЧАЕВ Бактияр Кожоналиевич (10. 2. 1962-ж. т., Ош (азыркы Жалал-Абад) обл., Токтогул р-ну, Бала-Чычкан айылы) – хирург, КРдин илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (2008). Медицина илимд. кандидаты (2004). 1986-ж. КММИни бүткөн. 1986–93-ж. Чүй обл-нун Аламүдүн р-ндук ооруканасында хирург, 1993-жылдан Чүй обл. ооруканасында хирургия бөлүмүнүн башчысы.

КУЛГУНА, к. *Остеомиелит*.

КУЛДАМА СЫМАП КЕНИ Ош обл-нун Чоң Алай р-нунда, Карамык кыш-нын түш. тарабында, Алай кырка тоосунун чыгыш бөлүгүндөгү Көк-Суунун алабында, деңиз деңг. 3300–3600 *м* бийикте. 1957-ж. табылып, 1958–62-ж. ж-а 1984–87-ж. геол. чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын девон мезгилиндеги акиташ теги м-н кумдук-сланецтүү чөкмө-эффузивдүү катмарлар түзөт. Аларды диабаз дайкалары, гранит-диорит массиви, диорит-порфир, кварцтуу порфир тарамдары жиреп чыккан. Катмарлар түн.-батыш тарапка жантайып (60–70°), тектон. жаракалар м-н чыгыштан батышка карай төмөндөп кетүүчү үч тектирче тилкеге бөлүнөт. Кен ортоңку тилкедеги акиташ теги м-н анын үстүндөгү терриген чөкмөлөрү кошулган жерге топтолгон. Кенташ негизинен киновардан турат да, кварц-карбонат материалдары м-н камдашкан акиташ-сланец брекчияларынын линза түрүндөгү кабатчаларында жайгашкан. Кенде 4 кенташ кабатчасы белгилүү. Киноварь цементтин курамында сейрек, чачыранды ж-а майда бүртүкчө түрүндө кезигет. Кээде антимонит, өтө аз санда пирит, халькопирит, гематит учурайт. Кенташтагы киновардын өлчөмү 0,01–3,0%. Сымаптын орт. өлчөмү 0,09%. Кенташтын C_2 категориясы б-ча запасы 565 миң *т*, сымап – 531 *т*, сурьма – 11018 *т*.

КУЛДУК МӨҢГҮСҮ — Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 5,8 *км*, аянты 4,9 *км*², көлөмү 0,2 *км*³. Кызыл-Суунун сол куймасы Шибе суусунун алабында жайгашкан. Мөңгүнүн башы деңиз деңг. 5300 *м*, этеги 3500 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4900 *м*. Абляциясынын аянты 3,7 *км*². Мөңгүдөн Шибенин сол куймасы – Кулдук суусу башталат.

КУЛЕШО́В Александр Фёдорович (1906, Беларуссия, Витебск ш. – 6. 10. 1961, Фрунзе) – Кыргыз ССР эл арт. (1951). 1928-ж. Ленинграддык «Красный молот» театрында үйрөнчүк актёр, 1935–36-ж. Уфа орус драма театрында актёр, 1937-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Фрунзедеги Н. Крупская атн. орус драма театрында иштеген. Аткарган ролдору: Тихон (А. Островский, «Добул»), Степанов; Гвоздилин (Н. Погодин, «Директор», «Үчүнчү патетикалык»), Тетерёв (А. Горький, «Мещандар») ж. б. К. Кыргыз ССР Жогорку Советинин (4-шайл.) депутаты. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.



КУЛЕШО́В Аркадий Александрович [24. 1(6. 2). 1914-ж. т., Могилёв обл., Костюков р-ну, Самотевич айылы] – беларус эл акыны (1968). Чыглыгы 1926-жылдан башталган. Чыгармаларынын негизги темасы – Улуу Ата Мекендик согуштагы элдин эрдиги. К. – «Баранов Василий» (1937), «Эмен токоюнда» (1939), «Бригаданын туусу» (1943; СССР мамл. сыйл., 1946), «Цимбалдар» (1945), «Жаңы нук» (1948; СССР мамл. сыйл., 1949), «Карапайым адамдар» (1949), «Каталап чытырман» деген поэмалардын, «Күн үчүн, ырлар үчүн...» (1932), «Жаңы китеп» (1964), «Кызыл карагай жана кайың» (1970) ж. б. ыр жыйнактардын автору. Эки Ленин, башка 2 орден ж-а медалдар м-н сыйланган.

КУЛЖА, И н и н – Кытайдын түн.-батышындагы шаар. Иле д-ныи өрөөнүндө жайгашкан. Синьцзян-Уйгур автономия р-нунун курамында. Калкы 100 минге жакын. Тамак-аш (мал чарба продуктусун иштетүүчү), текстиль ишканалары иштейт. Кол өнөрчүлүк (килем токулат, тери өндөлөт) өнүккөн. Уран, вольфрам ж. б. түстүү металлдын ж-а графит, асбест кендүү аймактын борбору. 1762-ж. негизделген.

КУЛЖА-БАШАТ КОРГОШУН КЕНИ Нарын обл-нун Ак-Талаа р-нунда, Батыш Ак-Шыйрак кырка тоосунун түш.-чыгыш тарабындагы Кызыл-Кыр тоосунда, Кулжа-Башат ж-а Кыргоо коктуларынын төрүндө, деңиз денг. 2600–2750 *м* бийикте. 1930-ж. табылган. 1931-, 1944-ж. издөө иштери жүргүзүлгөн. Кен аймагын карбон мезгилинде пайда болгон акиташ теги ж-а палеогендин кызыл түстүү конгломераты түзөт. Бул тектерди түн.-чыгышка созулган тектон. жарака кесип өтөт. Кенташ тулкулары тарам түрүндө акиташ тегинде да, конгломератта да кезигет. Негизги кенташ тулкусунун калыңдыгы 10–70 *см*. Түн. жак учу 3 ичке тарамга ажырайт. Мындан башка бири-бирине жарыш жайгашкан көптөгөн тарамчалар кезигет. Алардын калыңдыгы 0,05–0,53 *мге* чейин. Кенташтын минералдык курамы негизинен галенит, барит, барит-целестин, кальцит ж-а флюориттен турат.

КУЛЖА КЕЛИШИМИ (1851) – О. Азия чегинде орус-кытай соодасын тартипке салуу ж-дөгү келишим; 1851-ж. 25-июлда Кулжа ш-нда (Кытай) түзүлүп, Россия тараптан Е. П. Ковалевский, Кытайдан И Шань ж-а Бу Яньтай кол коюшкан. Иле (Кулжа) м-н Тарбагатайда (Чойчокто) соода жүргүзүүгө орус соодагерлерине укук берилген. 17 статьядан турган К. к-нде соода жүргүзүү, кербендерди коргоо, каракчыларды жазалоо ж. б. талаш-тартыш маселелерди чечүү каралып, жерг. кыргыз, казак ж. б. элдердин кызыкчылыгы көңүлгө алынган эмес. К. к. О. Азия аркылуу Россия м-н Кытайдын ортосунда сооданы өнүктүрүп, алардын байланышын чыңдаган.

КУЛЖА-ЭМБЕС ГРАНИ́Т КЕНИ Талас р-нунда, Кара-Ой кыш-нан 12 *км* түштүктө, Кулжа-Эмбес суусунун сол өйүзүндө. 1981-ж. табылган. Кен аймагын сонку кембрий м-н ордовиктин башында жиреп чыккан гранит, протерозойдун акиташ тектери түзөт. Кен биотиттүү гранит интрузиясынан турат. Аянттын уз. 600 *м*, жазылыгы 80–240 *м*. Арасында аплит, дайка ж-а протерозойдогу ксенолиттер (аянты 60×40 *мге* чейин) кездешет. Мында пайдалуу тектер – гранит м-н мраморлошкон акиташ. Гранит – 80%, акиташ – 18,5%. Граниттин физ.-мех. касиеттери: үстүнөн бастыргандагы бышыктыгынын чеги (кургак абалда) 114,66 *МПа*, суюга каныккан абалдагысы 107,88 *МПа*, жалпы тыгыздыгы 2,7 *г/см*^{3}; мраморлошкон акиташты: үстүнөн бастыргандагы бышыктыгынын чеги (кургак абалда) 224,44 *МПа*, суюга каныккан абалында 107,01 *МПа*, жалпы тыгыздыгы 2,83 *г/см*^{3}. Гранит м-н акиташ тегин курулушта колдонууга болот. Гранит м-н акиташ тегинин запасы A+B+C_1 категориясы б-ча 5364 миң *м*^{3}, C_2 – 4651 миң *м*^{3}.

КУЛЖА-ЭМБЕС КӨМҮР КЕНИ Жалал-Абад облнун Сузак р-нунда, Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш тарамында, Он-Кара-Ө́йры (Көгарт суусунун сол куймасы) – Талд[illegible]уу (Жазы суусунун оң куймасы) сууларының аралыгында. Кен 1928-жылдан белгилүү. 194[illegible]а 1988-ж. издөө, 1991–93-ж. чалгындоо иштери жүргүзүлгөн. Юра катмарынын көмүрлүү тузилишинде 6 кабат ж-а кабатчалар болүнгөн. Ж. и. экоо о. ж-лык мааниге ээ. Бул кабаттардын калыңдыгы 0,3 *м*ден 4,35 *м*ге чейин өзгөрөт. Сапаты б-ча көмүрдүн болжолдуу маркасы узун жалындуу (Д). Күлдүүлүгү 7,85% тен 33,26% ке чейин. Орт. күйүү жылуулугу 25,5 *МДж/кг*. Болжолдуу ресурсу 11,6 млн *т*. Түш.-чыгыш бөлүгүнүн ачык казып алууга жарамдуу бекитилген запасы 286 миң *т*. Түн.-чыгыш участкасынын бекитилген запасы C_2 категориясы б-ча 144 миң *т*. Кенден кичи ишканалар көмүр казып алууда.

КУЛИЕВ Кайсын Шуваевич (1. 11. 1917, азыркы Кабарда-Балкария, Чегем р-ну – 4. 6. 1985, Кабарда-Балкар АССРи, Чегем р-ну, Жогорку Чегем кыш., Чегем I посёлкасы) – балкар совет акыны, Кабарда-Балкар эл акыны (1967). А. В. Луначарский атн. ГИТИСте окуган (1935–39). «Танга салам» деген тунгуч ыры 1937-ж. жарык көргөн. К. согушка чейинки ырлары туулган жер табиятын жүрөгү м-н сезген лирик экендигин көрсөткөн («Тоо суусунун шыңгыр ыры», «Жамгыр жаады жолдо баратсак» ж. б.). «Менин коншуларым» аттуу лирикалык циклинде (1939–45; 1957-ж. жарыяланган) эмгекчилердин жаркын образдарын түзгөн. К. согуш убагында совет элинин эрдиги ж-дө бир нече ыр циклин, согуштан кийин балкар элинин өткөн тарыхына кайрылып, «Капчыгай ырлары» циклин (1947–51) жараткан. «Жаралуу таш» аттуу ыр жыйнагында (1964; РСФСРдин М. Горький атн. мамл. сыйл., 1966) балкар элинин турмушу чагылдырылган. «Жер китеби» ыр жыйнагы үчүн 1974-ж. СССР мамл. сыйл. ыйгарылган. К. бир топ жыл Кырг-нда жашаган. Көптөгөн ырлары, айрым китептери кыргыз тилинде жарык көргөн. Кыргыз жазуучуларынын (А. Осмонов, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков ж. б.) чыгармаларын орус тилине которгон ж-а алардын чыг-лыгы тууралуу макалалар да жазган. К-дин чыгармалары дүйнө элдеринин көп тилдерине которулган. СССР Жог. Советинин (5-шайл.) депутаты болгон. Лениндик сыйл. лауреаты (1990, өлгөндөн кийин). Ленин ордени м-н сыйланган.



Чыг.: Тынчтык күүсү. Ф., 1956; Аскадагы от. Ырлар. Ф., 1969; Собр. соч.: В 3 т. М., 1987.

Ад.: *Эфендиева Т., Эфендиев С.* К. Кулиев. Нальчик 1997. Ч. 1–2.

КУЛИКО́В САЛГЫЛАШЫ (1380) – Владимир ж-а Москванын улуу князы Д. И. Донской жетектеген орус аскерлери м-н *Мамай* башында турган моңгол татарлардын 1380-ж. Куликов талаасында салгылашуусу. Мамай Рустун Алтын Ордого көз каранды болгусун күчөтүү үчүн 100–150 миңдей кол менен сап, Литванын, Рязандын улуу княздары м-н биргеликтө биргеликтө биргеликтө

1-орун басары. РФтин Атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси дипл. ранганын ээси (1991). Кырг-н КПнын тарыхына ж-а улут аралык мамилелерге арналган 100дөн ашуун ил. эмгектин (а. и. 2 монография) автору. 2 Эмгек Кызыл Туу, Эл Достугу, «Ардак Белгиси», 3-даражадагы Манас, РФтин 1-даражадагы А. Горчаков ордендери м-н сыйланган.

КУЛМАТОВ Сатар (1904, азыркы Чүй обл., Кемин р-ну, Чоң-Кемин кыш. – 1938, Фрунзе) – Кырг-нда Совет бийлигин орнотууга жигердүү катышкандардан. 1919-ж. Токмок, Пишпек уезддеринде комсомол ячейкасын түзүүгө катышкан. 1921–22-ж. Ташкенттеги сов.-парт. мектепти бүтүрүп, комсомолдук кызматтарда иштеген. «Ленинчил жаш» гезитин чыгарган демилгечилердин бири болгон. 1922–28-ж. Кыргыз АССР БАКтын жооптуу секретары, 1928–30-ж. Каракол округдук к-тинин, кийин партиянын Талас, Нарын райкомдорунда секретарь, 1937-жылдан Кыргыз ССР Жеңил ө. ж. комиссары болуп иштеген. Кырг-н КП(б) БКнын мүчөсү (1937). 1937–38-ж. Социал-Туран партиясынын мүчөсү ж-а Ж. *Абдрахманов* м-н байланышкан деген жалаа м-н репрессияланган.



Ад.: *Джуманалиев А.* Политическая история Кыргызстана. (Становление политической системы Кыргызского общества). Б., 2005.

КУЛМЫРЗАЕВ Асылбек Атамырзаевич [19. 10. 1963-ж. т., Ош (азыркы Жалал-Абад) обл., Аксы р-ну, Кербен айылы] – тех. илимд. доктору (2004), проф. (2005). ФПИни (1986), Москвадагы тамак-аш ө. ж. өндүрүштүк технология ин-тунун аспирантурасын (1992) бүтүргөн. КМТУда инженер, окутуучу (1986), улук окутуучу, доцент (1992), декан (2003); 2003-жылдан «Манас» Кыргыз-Түрк ун-тинин инж. ф-тинде бөлүм башчы, декан, проректор. Тамак-аш ө. ж-ндагы машиналар ж-а аппараттар б-ча адис. 51 ил. эмгектин, а. и. 1 монография, 8 ойлоп табуунун автору.

Эмг.: Тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайынын машиналары жана жабдуулары (авторлош). М., 2003.

«КУЛМЫРЗА МЕНЕН АКСАТКЫН» – кыргыз элине кеңири тараган лирикалык дастан. Дастандын сегиз варианты бар. Эл арасында «Мырза уул», «Шамамат менен Аксаткын» деген аттар м-н да белгилүү. Дастанда бузукулардын айынан баш кошо албай калган ашык жарлардын сүйүү сезими, кейиштүү тагдыры баяндалат. Ал көлөм жагынан чакан, кошок түрүндө. Эл оозунда Кулмырза м-н Аксаткын тарыхта чыныгы болгон адамдар катары айтылат. Бул дастанды айтуучулардын бири Ч. Сыдыков 20-к-дын 40–50-жылдары «бул болжол м-н 100–200 жыл илгери болгон окуя» деп болжолдогон. Кыргыз акындары бул дастандын сюжетине кайрылышкан (А. Осмонов ж. б.).

Ад.: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. Ф., 1973.

КУЛНАЗАРОВ Болот Карамырзаевич [1960-ж. т., Ош (азыркы Жалал-Абад) обл., Аксы р-ну, Кара-Суу айылы] – биология илимд. доктору (2004). ОМПИни (1983), Гомель мамл. у-ттинин (Беларуссия) аспирантурасын (1987) бүтүргөн. 1991-ж. ММУда окуп, эколо[illegible]дистигине ээ болгон. ОшМУда зоология ж-а [illegible]пы экология кафедрасында доцент, кафедр[illegible]чысы (1991–98), Орегон ун-тинде (АКШ, 1[illegible] иштеген. ЛАЙФ программасынын Кырг-н[illegible]улуттук координатору (1998–2000). 100д[illegible]ык ил. эмгеги, а. и. 2 монографиясы жа[illegible] көргөн.

Эмг.: Кыргызстандын жан[illegible]лар дүйнөсү, аларды коргоо ж-а сарамжал пай[illegible]нуу проблемалары (авторлош). Ош, 1994.

КУЛОВ Бейшеналы (1900, азыркы Чүй обл., Сокулук р-ну, Кызыл-Туу айылы – 1978, ошол жер) – малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Сокулук р-нундагы «Путь к коммунизму» колхозунда жылкычы болуп иштеген. Мал чарбасын өнүктүрүүдө ийгиликтерге жетишкен. Ленин, Кызыл Жылдыз ж-а 3-даражадагы Даңк ордендери м-н сыйланган.



КУЛОВ Болот Бейшеналиевич (5. 1. 1957-ж. т., Нарын обл., Кочкор р-ну, Кочкор айылы) – медицина илимд. доктору (2003). КММИни бүтүргөн (1980). 1980–82-ж. КММИнин нерв оорулар кафедрасында ассистент, СССР МИАнын неврология ин-тунда кенже ил. кызматкер (1989–94), 1994-жылдан КММАнын нерв оорулар кафедрасында ассистент, 1997-жылдан доцент болуп иштеген. 2000–03-ж. РМИАнын Неврология ИИИде докторантурада окуган. КММАнын неврология ж-а нейрохирургия кафедрасында проф. (2003–07). 2007-жылдан Кырг-н курортология ж-а калыбына келтирүү ИИИде директордун орун басары (башкы врач) болуп иштейт.

Эмг.: Артериальная гипертензия и сосудистые заболевания головного мозга. Б., 2007.

КУЛОВ Феликс Шаршенбаевич (29. 10. 1948-ж. т., Бишкек) – мамл. ишмер, милициянын генерал-лейтенанты (1997). СССР ИИМдин Омск жогорку мектебин (1971), СССР ИИМдин академиясын (1978) бүткөн. 1966–71-ж. Бишкек шаардык моторлоштурулган өзгөчө взводдо милиционер, 1971–78-ж. Кырг-н ИИМдин Кылмыш издөө башкармасынын баңги затка каршы күрөшүү бөлүмүндө инспектор, 1978-жылдан начальник, 1980-ж. Талас обл. ички иштер башкармасында начальниктин орун басары, 1984-жылдан начальник, 1987–91-ж. Кыргыз ССР Ички иштер министринин 1-орун басары, 1991-жылдан ички иштер министри, 1992–93-ж. КРдин вице-президенти, 1993–97-ж. Чүй обл. мамл. администрациясынын ба[illegible]чысы, 1997–98-ж. КРдин [illegible]уттук коопсуздук мини[illegible]и, 1998–99-ж. Бишкек шаардык жерг. өз ал[illegible]ча башкаруусунун башчысы – мэри, 2005-ж[illegible]дын 16-май айынан 20-июнга чейин КРдин [illegible]вице премьер-министринин милдетин аткару[illegible]у, 2005-жылдын 15-август айынан 2-сентяб[illegible]а чейин КРдин премьер-министринин милд[illegible]ин аткаруучу, КРдин премьер-министри болуп иштеген. КР Жогорку Кеңешинин депутаты (1990–95; 2010-жылдан). «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган.



КУЛО́Н (Кл, С) – 1) эл аралык *бирдиктер системасындагы (СИ)* электр санынын (электр зарядынын) бирдиги. Белгилениши: *Кл.* К. өткөргүчтүн туурасынан кесилиш аянты аркылуу 1 А турактуу ток *сек*да өткөн электр санына барабар (ампер-сек). Бул бирдик Ш. О. *Кулондун* ысмы м-н аталган. 2) СИ бирдигиндеги электр жылышуусунун (электр индукциясынын агымынын) бирдиги.

КУЛО́Н Шарль Огюстен (14. 6. 1736, Ангулем – 23.8.1806, Париж) – француз физиги, Париж ИАнын мүчөсү (1781). Орто мектепти бүткөндөн кийин инж. аскерде иштеген. 1772-жылдан тех. механика (курулмалар статикасы, жел тегирмен теориясы ж. б.) б-ча ил. из. иштерин жүргүзгөн. Кылдын, жибек жиптердин ж-а ичке металл зымдарынын толгонуусун изилдеген ж-а толгонуу теориясын түзгөн; толгонмо таразаны ойлоп чыгарып, аны электр ж-а магниттин өз ара аракеттениш күчтөрүн өлчөө үчүн колдонгон. 1785–89-ж. жети мемуары жарыяланган, мында электр заряддарынын ж-а магнит уюлдарынын өз ара аракеттенүү закону (Кулон закону) берилген. К-дун эксперимент эмгектери электр-магнит кубулуштар теориясын түзүүдө мааниси зор. Электр санынын бирдиги (кулон) К-дун ысмынан аталган. Кургак сүрүлүү законун ачкан.

КУЛО́Н ЗАКОНУ – электр-статиканын кыймылсыз чекиттик эки электр зарядынын өз ара аракеттенүү күчүнүн чоңдугун аныктоочу негизги закону. Вакуумда жайгашкан заряддалган эки чекиттик кыймылсыз нерселердин өз ара аракеттенүү күчү F алардын заряддарынын модулдарынын көбөйтүндүсүнө түз пропорциялаш ж-а алардын арасындагы аралыктын квадратына тескери пропорциялаш $F=kq_1q_2/r^2$, мында q_1, q_2–заряддардын модулдары, r – заряддардын ортосундагы аралык, k – пропорциялык коэфф., анын чоңдугу алынган бирдиктер системасына жараша өзгөрөт. СГС системасында $k=1$; СИ системасында $k=1/4\pi\varepsilon_0$; ε_0 – турактуу электр саны. Бул законду француз физиги Ш. *Кулон* 1785-ж. атайын жасалган толгонмо таразанын жардамы м-н далилдеген. Заряддардын өз ара аракеттенүү күчү Кулон күчү деп аталат.

КУЛПУНАЙ, клубника (Fragaria moschata) – өсүмдүктөрдүн роза гүлдүүлөр тукумундагы көп жылдык чөп. *Кожогатка* окшош. Бийикт. 30–35 *см*, жалбырагы чоң, үч ача, түктүү. Гүл сабы жалбырактарынан бийик өсөт. Гүлү ак, бир жыныстуу, айрым эгилме түрүнүн гүлү кош жыныстуу. Жемиши майда (2–3 *г*), кызыл, көк, сулпу ак, ширелүү, жыпар жыттуу. Жапайы түрү Европада кездешет. Эгилме түрү Франция, Италия, Англия, Германия ж-а КМШ өлкөлөрүндө өстүрүлөт. Жемиши жаңы кезинде желет, о. эле кыжы, компот кайнатылат, шире алынат. К. суукка байымдуу, кургакчылыкка чыдамсыз. Көлөкө жерде жакшы өсөт. Сорттору: Шпанка, Милан ж. б. Акыркы жылдары К-ды кожогатка кыйыштыруу жолу м-н гибрид алынган.



Кулпунай: *1*– өсүмдүктүн жалпы көрүнүшү; *2а*, *2б* – мөмөлөрү; *3* – мөмөнүн жара кесилиши.

КУЛТАЕВА Үмүт Баймуратовна (24. 4. 1954-ж. т., Жалал-Абад обл., Сузак р-ну, Маркай айылы) – адабиятчы, филология илимд. доктору (2011), педагогика илимд. кандидаты, (1990), доцент (1999), КРдин Эл агартуусунун отличниги (2000). 1976-ж. ОМПИнин филология ф-тин бүтүргөн. 1976–81-ж. Көк-Жангак ш-ндагы Сары-Булак, Сузак р-ндагы «Ырыс» орто мектептеринде мугалим, 1982–85-ж. Кыргыз педагогика ИИИде аспирант, 1985–87-ж. ил. кызматкер, 1987–89-ж. Фрунзе ш-ндагы № 39 мектепте мугалим, ошол эле учурда В. В. Маяковский атн. Кыргыз кыз-келиндер ин-тунда окутуучу, ага окутуучу, доцент, кафедра башчысы, декан, 2000–07-ж. Мамл. тил ж-а мад-т ин-тунун директору, 2008-ж. докторант, 2009-жылдан Ж. Баласагын атн. КУУнун мамл. тил б-ча проректору болуп иштейт. К. 30 жылдан ашык үзгүлтүксүз пед. ж-а ил. иш м-н алектенет. «Кыргыз

тилин бөтөн тил катары окутуунун методикасы» (1995, 2003), «Жусуп Мамай» (2004), «Кыргызча сүйлөшөбүз» (2004), «Токтосун Самудинов: Азыркы кыргыз адабияты» (2005) ж. б. эмгектери бар. О. эле 100дөн ашык ил.-метод., 70тен ашык публ. макалалардын автору.

Эмг.: Турмуш чындыгы жана көркөм образ. Б., 2003; Кыргыз тарыхый романтикасы. Б., 2006; Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык өзгөчөлүгү. Б., 2009.

КУЛУЕВ Шабданбек (1. 1. 1942-ж. т., Тянь-Шань (азыркы Нарын обл., Жумгал р-ну, Чаек кыш.) – акын, педагог, КРдин гимнинин текстинин автору (Ж. Садыков м-н бирге). КРдин мад-тына эмг. сиң. ишмер (1994), КРдин эл мугалими (2011). 1968-ж. КМУну бүтүргөн. 1963–69-ж. Суусамыр өрөөнүндөгү Каракол, 8-Март орто мектептеринде мугалим, 1969–77-ж. Фрунзе (азыркы Түркмөн атн.), Жумгал орто мектептеринде тарбия иштери б-ча директордун орун басары, директор, 1977–2006-ж. Түркмөн атн. орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, мугалим болуп иштеген. «Алас, алас», «Кийик сай», «Куланчы мерген», «Сезим кайрыктары» ырлар жыйнактарынын, «Кылымдар жаңырыгы», «Мидин минткен экен», «Эл-жер баяны» китептеринин автору.



КУЛУМБАЕВ Жусубалы (1892, азыркы Нарын обл., Нарын р-ну, Куланак айылы – 1978, ошол жер) – малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). 1919–22-ж. Кызыл Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1922-жылдан колхоздо малчы болуп иштеген. Мал чарбасын өнүктүрүүдө ийгиликтерге жетишкен. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



КУЛУМБАЕВ Эсен Болотович (17. 8.1962-ж. т., Фрунзе) – физик, физика-математика илимд. доктору (2000). проф. (2005). КМУнун физика ф-тин (1984), КР УИА ФИнин аспирантурасын (1990), КРСУнун докторантурасын (2000) бүтүргөн. 1984–95-ж. КМУда окутуучу, улук окутуучу, доцент, 1995-жылдан КРСУда улук окутуучу, доцент, проф. Жылуулук ж-а молекулалык физика б-ча адис. 100дөн ашык ил. эмгеги, а. и. 3 монографиясы бар.

Эмг.: Моделирование и технология получение керамики на основе кремния (в соавторстве). Б., 2008; Моделирование микроволногого нагрева воды (в соавторстве). Б., 2009.

КУЛУН-АТА КОРУГУ Кара-Кулжа р-нунун аймагында. Фергана тоо тизмеги м-н Алай кырка



Коруктагы Кулун көлүнүн б[illegible]өрүнүшү.

тоосунун аралыгында Та[illegible]уусунун жогорку алабында жайгашкан. Ба[illegible]ыш Теңир-Тоонун табигый жаратылыш комплексин сактоо, арчаийне жалбырактуу токойлорун, өсүмдүк-жаныбарлар дүйнөсүн ж-а тоо көлүнүн экол. системасын коргоо максатында 2004-ж. уюштурулган. Аянты 27,4 миң *га*, а. и. токой аянты 3,5 миң *га* (12,7%). Жаныбарлардын 32, өсүмдүктөрдүн 808 түрү кездешет. Корук жаратылыш шартынын ар түрдүүлүгү ж-а табигый ресурстарына байлыгы м-н өзгөчөлөнөт. Коруктун аймагында *Кулун көлү* жайгашкан.

КУЛУНДУ – Баткен обл-нун Лейлек р-нундагы кыштак. Кулунду айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 640 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Исфана ш-нан 48 *км* түн.-чыгыш тарапта. Пролетарск т. ж. бекетинен (Тажикстан) 18 *км*. Кыштак 1953-ж. негизделген. Калкы 8250 (2009); негизинен дыйкан ж-а мал чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, кесиптик-тех. окуу жайы, бала бакча, мад-т үйү, ФАП, оорукана, дарыканалар бар. Турмуштиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү, базарчалар, тамактануучу жайлар иштейт.

КУЛУНДУ ТАЛААСЫ, К у л у н д у т ү з д ү г ү Батыш Сибирдин түштүгүндө. Иртыш ж-а Обь д-нын аралыгында, Алтай крайынын ж-а Павлодар обл-нун аймагында жайгашкан. Түндүгүнөн Бараба талаасы м-н чектешет. Аянты 100 *км*²дей. Жеринин бети күдүрлүү (бийикт. 250 *м*ге чейин). Түздүк аркылуу Күчүк, Кулунду ж. б. дарыялар агат; туюк көлдөр бар. Көлдөрдө сода (Петухов, Танатар көлдөрүндө), глаубер (Кулунду, Күчүк) ж-а кайнатма туздарынын (Чоң ж-а Кичи Яровой) запасы мол. Климаты континенттик; январдын орт. темп-расы –17°Сден –19°Сге чейин, июлдуку 19–22°С. Түндүгү м-н чыгышына дан өсүмдүктөрү, түштүгү м-н батышына шыбак-дан өсүмдүктүү талаа ландшафты мүнөздүү (көп бөлүгү айдалган). Жалчалардын капталдары кызыл карагайлуу токой. К. т. – Батыш Сибирдин сүт багытындагы мал чарбасы ж-а дыйканчылыгы өнүккөн аймагы.

КУЛУН КӨЛҮ – Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш капталындагы тоо көлү. Кара-Кулжа р-нунун аймагында. Тар суусунун оң куймасы – Кулундун башында жайгашкан. Уз. 4,6 *км*, туурасы 700 *м*. Көл чанагы деңиз деңг. 2856 *м* бийикте жатат. Суусу тунук, тузсуз. Кулун өрөөнүн жер көчкү бөгөп калуусунан пайда болгон. Бөгөттүн



Көлдүн жалпы көрүнүшү.

бийикт. 120 *м*, туурасы 500 *м*, уз. 200 *м*. Түндүгү м-н түш. капталдары тик (60°), урчуктуу аскалар м-н курчалган. Айланасы өтө кооз. Аны курчап турган тоолордун түн. капталында карагай, түш. беттеринде арча токою өсөт.

КУЛУНЧАК (Aconitum leocostomum) – өсүмдүктөрдүн уу коргошундар уруусундагы түрү. Бийикт. 65 – 200 *см*ге жеткен көп жылдык чөп. К. кирпиктей же тармал сейрек түктүү. Жалбырагы чоң, туурасы 25 *см*ге, уз. 15 *см*ге жетет, теңине чейин терең манжадай тилкелүү. Гүлү сабак учунда калемчедей топ гүлдү түзөт. Желекчеси көгүш кызыл, майда түктүү. Аталык м-н энеликтери түксүз. Мөмөсү – оролгон жалбырактай, көп уруктуу кутуча. Бийик тоодогу шалбаада, токой арасында өсөт. Кырг-нда Күнгөй, Тескей, Кыргыз Ала-Тоолорунда, Сары-Жаз өрөөнүндө, Суусамырда, Узун-Акмат тоосунда кездешет. Тамырынын дарылык касиети бар, ал эми бүт тулкусу малга уу, к. *Уу коргошун*.

КУЛЧУНОВА-ПИНИ́ГИНА Мария Жумабаевна (1958-ж. т., Нарын обл., Нарын ш.) – спортчу (жеңил атлетика), олимпиялык оюндардын чемпиону, СССРдин эмг. сиң. спортчусу. КМДТИни бүтүргөн (1980). СССРдин жаштар арасында биринчилигинде 200 *м* аралыкты 23 *сек*да чуркап өтүп, рекорд койгон (1976), СССРдин 6-, 7-спартакиадаларында 400 *м* аралыкта чуркоодо 1-орунду жеңип алган. «Правда» гезитинин байгесине арналган бүткүл союздук жеңил атлетикалык кросстун Бишкекте өткөрүлгөн 13-финалында 1000 *м* аралыкты 2 *мин* 53,1 *сек*да чуркап өтүп, биринчиликке жетишкен. СССРдин, Европанын, дүйнөнүн ири мелдештерине катышып, жакшы ийгиликтерди жараткан. 1988-ж. Сеул ш-нда өткөн 24-олимпиялык оюндарга катышып, 4×400 *м* аралыкка эстафеталык чуркоодо биринчи орунду ээлеп, чемпион наамга ээ болгон. Учурда Якутск ш-нда жашайт. Жеңил атлетика б-ча Якутиянын башкы тренери.



КУЛЬМИНА́ЦИЯ (лат. culmen – туу чоку) – 1) кандайдыр бир нерсенин өсүү жолундагы чегине жеткен мезгили; 2) а с т р о н о м и я д а – асман жарык чыгаруучусунун асман меридианы аркылуу өтүшү; 3) а д а б и я т т а – көркөм чыгармадагы окуянын өнүгүп жеткен чеги. Сюжеттүү чыгармада түйүндөшкөн, чиеленишкен окуя эң өнүккөн бийиктикке жетет да, андан ары каармандардын тагдыры чечилет. Мис., Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестинде Данияр м-н Жамийланын ортосундагы мамиле, сүйүүнүн жогорку бийиктикке жетиши, «август түнү» – повесттин К-сы.

КУЛЬТИВА́ТОР (лат. cultus – иштетүү, жерди айдоо) – өсүмдүктүн катар аралыгын жумшартуучу, отоо чөптөн арылтуучу, жер семирткич чачуучу а. ч. шайманы. К-дун чиркеме ж-а асма түрү бар. Көбүнчө асма К. чыгарылат. Анын түзүлүшү жөнөкөй; жеңил ж-а оңой тейленет. Буулантма К. (топуракты текши жумшартуучу), отомо К. (катар аралыкты иштетүүчү) ж-а уни-



версалдуу К-го (топуракты жумшартып, жер семирткич чачуучу) бөлүнөт. К-дун негизги бөлүктөрү: рама, тилгич калак, өсүмдүк азыктандыргыч, түптөгүч, терендикти жөнгө салуучу механизм, эки таяныч дөңгөлөк, учтуу диск, илиништиргич, жөөк салгыч, жумшарткыч, мала чиркештиргич, серпилгичтүү (пружиналуу) мала. К-дун ширетме констр-сындагы рама тик бурчтуу формада. Раманын алды жагында жөөк салгыч орнотулат. Кыртышты жалпы иштетүүдө негизги жумушчу шайман катары универсал же жебе сымал калак тиштер колдонулат. К-дун универсалдуу жумшарткычы отоо чөптөрду кесип, кыртышты жумшартат. Отоо чөп анчалык көп болбогон жерде алдынкы эни 270–330 *мм*

жумшарткыч, отоо чөптүү жерлерде эни 145–330 *мм* жумшарткыч орнотулат. Жаа сымал эки миздүү К. отоо чөптөн арылтып, топурактын үстүнкү катмарын 4–8 *см* тереңдикте жумшартып, минералдык жер семирткич чачат. Топуракты жумшартууда кол эмгегин аз жумшоо үчүн К. айланып иштөөчү тетик ж-а отоочу мала м-н кошумча жабдылат. Мында өсүмдүккө зыян келтирбөө үчүн К-го диск ж-а калканч орнотулат.

КУЛЬТИВА́ЦИЯ (лат. cultivo – иштетем, жерди айдаш) – эгилме өсүмдүктөрдүн катар аралыгын коңторбой жумшартып, отоо чөптөн арылтуу. К. негизинен өсүмдүк өнүп чыкканга чейин жүргүзүлүп, *культиватор* колдонулат. Нымдуу кыртышты К-лаганда отоо чөптөр кайта жанданып, өнүп кетпесин үчүн культиватордун артына жеңил мала чиркелет, ал кыртыш катмарын бошотуп отоо чөптүн тамырын кыртыш үстүнө чыгарат. К-лоо топурактын аба, суу режимин, микробиол. процессин жакшыртат, отоо чөптү жок кылып, өсүмдүктүн өсүшүнө ыңгайлуу шарт түзөт. Ал жумшак топурак катмарын пайда кылып, нымды сактайт. К. 8–10 *см* тереңдикте жүргүзүлөт.

КУЛ ЭЭЛӨӨЧҮЛҮК ТҮЗҮЛҮШ – адамзат тарыхындагы алгачкы таптык коомдук-экон. формация. Алгачкы жамаат түзүлүшүнүн ыдырап бузулушунан улам келип чыккан. Кул ээлөөчүлүк түзүлүштөгү негизги таптар кул ээлөөчүлөр ж-а кулдар; алар м-н катар эркин дыйкандар, кол өнөрчүлөр ж. б. социалдык топтор жашап турган. К. э. т-түн тарыхын эки таптын ортосундагы тынымсыз күрөштөр аныктаган, ушул каршылыктардын натыйжасында коомдун кулк-мүнөзү (экон., укуктук нормалары, жашоо мүнөзү, ил. деңгээли, этикасы, дини, философиясы ж. б.) калыптанган. Эң байыркы кул ээлөөчүлүк мамлекеттер б. з. ч. 4–3-миң жылдыктар аралыгында пайда болуп (Месопотамия, Египет), Азия, Европа ж-а Африканын өнүккөн өлкөлөрүндө (б. з. 3–5-к.), Россия аймагындагы Урарту мамлекетинде (б. з. ч. 9–6-к.) өкүм сүргөн. К. э. т. Байыркы Грекияда (б. з. ч. 5–4-к.) ж-а Байыркы Римде (б. з. ч. 2–б. з. 2-к.) күчтүү өнүккөн. Бул процесс Рим империясынын түзүлүшү м-н аяктаган. К. э. т. бара-бара өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнө тоскоол болгон. Кулдардын көтөрүлүштөрү кулчулуктун кулашын тездеткен. К. э. т-түн ордуна феодалдык коом келген. Дүйнөдөгү бир топ элдер (германдар, славяндар) кул ээлик түзүлүштү аттап, алгачкы жамааттык коомдон тике эле феодалдык түзүлүшкө өткөн. Азия өлкөлөрүндө, а. и. кыргыздарда К. э. т-түн классикалык формасы болгон эмес. Бирок кыргыздардын социалдык мамилелеринде кул ээси ж-а кул ин-ттары өзгөргөн түрүндө сакталып калган.

КУЛЯБ, К ө л ө п – Тажикстандын түш. бөлүгүндөгү шаар. Хатлон обл-нда. Яхсу д-нын (Пянждын алабы) өрөөнүндө, Хазратишох кырка тоосунун этегинде жайгашкан. Калкы 85,5 миң (2009; калкынын саны б-ча өлкөдөгү 3-шаар). Т. ж. бекети. Аэропорту бар. Б. з. ч. 8–7-к. ченде пайда болгон. Б. з-дын 9–12-к-да *Улуу Жибек жолунда* Искандар деген ат м-н белгилүү. 1934-ж. шаар статусун алган. Шаардын чегинде археол. эстеликтер, коло доор[illegible] таандык бейиттер (б. з. ч. 15–10-к.), Мир-С[illegible]-Хамадани мавзолейи (14–17-к.) сакталга[illegible]кумулятор өндүрүшү, пахта тазалоочу з-[illegible]екстиль, тамак-аш, курулуш материалда[illegible]к. ишканалары иштейт. Ун-т, китепкана, [illegible] музейлер (а. и. тарых-край таануу ж. б.). [illegible]к акыны С. Вали-заденин үй-музейи бар.

КУМ – тоо тектердин май[illegible]алкаланган бүртүкчөлөрүнөн турган борпон чөкмө тек. Бөлүкчөлөрүнүн чоңдугу 0,01–1 *мм*-ге жетип, миздүү, кырдуу, урчуктуу болот. Кварц, талаа шпаты, слюда ж. б. минералдардан турат. Чоңдугуна жараша кесек (0,5–1,0 *мм*), ири (0,25–0,5 *мм*), орт. ж-а майда (0,1–0,25 *мм*); курамы б-ча мономинералдуу, олигомиктүү, полимиктүү; пайда болушуна карата элювий, делювий, пролювий, аллювий куму, эол, деңиз, көл, муз-мөңгү ж-а чөл куму болуп бөлүнөт. Курулуш ишинде кеңири колдонулат. Кварц кумунан айнек жасалат. Айрым учурда арасында металлдардын чачыранды кендери кездешет.

КУМ, К у м, Г о м – Ирандын борб. бөлүгүндөгү шаар. Кум останынын (провинция) адм. борбору. Кум д-нын боюнда жайгашкан. Калкы 1,1 млн (2009). Автомобиль ж-а т. ж. тоому. Сасаниддер династиясынын ханы Кавад I тарабынан негизделген. К. – мааниси жагынан 17-к-дан мусулман шейиттердин Мешхедден кийинки 2-ыйык шаары. Шаарда 1980-жылдан аятолла Р. М. Хомейнинин резиденциясы (учурда музей) болгон. Фатима Масуме комплекси (16–20-к.; Фатиманын мавзолейи м-н), ХАзрат Масуме, Азам (1996) ж-а Жамкаран (13–14-к., К-га жакын жерде; зыярат кылуучу 2-борбор) ж. б. мечиттер сакталган. Ун-ттер (1980; а. и. Тегерандагы Азад ислам ун-тинин филиалы), музей (1936), китепканалар бар. Нефть ажыратуучу, айнек, текстиль (кебез-кездеме, кыл торко, тигилүү кийимдер) ж. б. ө. ж. ишканалары иштейт. Кустардык кол өнөрчүлүк өнүккөн, килем токулат. Карапа буюмдар чыгарылат.

КУМА́ – Түн. Кавказдагы дарыя. Уз. 802 *км*, алабынын аянты 33,5 миң *км*². Аскалуу кырка тоосунан башталат; тоодон чыккандан кийин Каспий бою ойдуңунда Каспий деңизине жетпей салааларга бөлүнүп кетет. Негизги куймасы – Подкумок (оң). Суусунун орт. чыгымы ортонку агымында 10,9 *м*³/*сек*. К-нын суусу өтө киргилдиги м-н айырмаланат. Сугатка пайдаланылат (Терек-Кума ж-а Кума-Маныч каналдары). К-да Отказненский суу сактагычы бар. Боюнда Минеральные Воды, Зеленокумск, Будёновск ш. жайгашкан.

КУМАЙ (Cyps himalayensis) – карчыгалар тукумчасындагы куш. К. – бардык жорулардай эле Борб. Азиянын аймагында кеңири таралган ж-а отурукташкан түр. Тоонун бийик алкагын мекендейт. Аскага жуп же топ-топ болуп уялайт. Ж[illegible]ына бир жолу бирден ж[illegible]ртка тууп, басып чыг[illegible]. К. тарп м-н азыктан[illegible] Азыркы кезде жапа[illegible] ж-а үй жаныбарлары[illegible] кескин азайып кет[illegible]нөн К-дын саны өтө [illegible]йган, ошондуктан бул түр Кырг-н-дын Кы[illegible] китебинде катталган.



КУМА́-МА́НЫЧ ОЙДУҢУ – Кавказ өндүрүн Чыгыш Европа түздүгүнөн бөлүп турган тектон. ойдун. Туурасы 20–30 *км*. Көлдөр системасы (эң ириси – Маныч-Гудило көлү) ж-а суу сактагыч (Веселовский) ээлейт. Кума-Маныч каналы бар. К.-М. о. аркылуу Европа м-н Азиянын шарттуу чеги өтөт.

КУМАМО́ТО – Япониядагы шаар. Кюсю а-нда жайгашкан. Кумамото префектурасынын адм. борбору. Сиракава д-нын чатында, Кюсю а-нын борб. бөлүгүндө жайгашкан. Калкы 675,8 миң (2009). Эл аралык аэропорту бар. Деңиз порту. 16-к-дын аягында негизделген. Мунаралуу капка (1607), будда храмы ж. б. сакталган. Текстиль, тамак-аш, хим., машина куруу, электр жабдуулары (күн батареяларын чыгаруучу з-д), кагаз ө. ж. ишканалары, мөмө-жемиш м-н жашылчаларды белендөөчү, фарфор ж-а жарым өткөргүчтөр өндүрүштөрү иштейт. Көркөм буюмдар да чыгарылат. Балык кармап, белендөө өнүккөн. Ун-ттер, лютеран коллежи, музейлер бар. Туризм өнүккөн.

КУМАНДАР – 10–13-к-да жашаган Борб. Азиядагы түрк тилдүү уруулардын роман, герман ж. б. тилдеринде аталышы. 11-к-да Тугра хан ж-а Баян башында турган К-дар Кара деңиз, Дон, Волга д-нын бойлорунда жайгашып, орустарга (1068-, 1092-, 1093-, 1096-ж.), Венгрияга (1070-, 1091-, 1094-ж.), о. эле Византияга (1087-, 1095-ж.) жортуул жасашкан. Киев Орус княздары м-н үй-бүлөлүк мамилелерде болушун, 1223-ж. моңголдорго каршы бир союзга биригишкен. Кийин К-дын көбү Алтын Ордого ж-а Балкан ж. а-на ооп, калгандары Венгрия мамлекетинин карамагында калган. Орус тарыхый даректеринде «половецтер», түрк тилдүү маалыматтарда *«кыпчактар»* деп аталат. Айрым изилдөөчүлөр «куман» – куу, кижи (лебединдер), кумандылар (алтайлыктар) экенин болжолдошот.

Ад.: *Голубовский П. В.* Печенеги, тюрки и половцы до нашествия татар. Киев, 1884; *Рыбаков Б. А.* «Слово о полку Игореве» и его современники. М., 1971; *Сулейменов О.* Азия. А., 1992; *Гумилев Л. Н.* Байыркы түрктөр. Б., 1998; *Э. Турганбаев.*

КУМАРА – бышырылган чоподон жасалган, оозу кууш карапа идиши. Неолит доорунан бери колдонула баштаган. Ушундан улам кумарачылык кесиби пайда болгон, к. *Карапачылык.*



КУМАРИ́Н – ачуу даамдуу, жаңы чабылган чөп жыттанган түссүз кристаллдар; б. эрүү t 70°С, кайноо t 291°С, спиртте, диэтил эфиринде, эфир майларында жакшы, сууда начар эрийт. Щелочтор м-н балкытып эриткенде ажырап, салицил ж-а уксус к-таларынын туздарын пайда кылат; спиртте калыбына келтиргенде, пропанолго айланат. Жумшак шартта катализдик гидрлөө м-н дигидрокумаринге, жарыкта дикумаринге димерленет. К. гликозиддер түрүндө 70ке жакын өсүмдүктүн курамынан табылган. Ө. ж-да салицил альдегидин уксус ангидриди м-н конденсациялоодон алынат. К. парфюмерияда, тамекинин жытын жакшыртууда колдонулат.

КУ́М-АРЫК – Чүй обл-нун Панфилов р-нундагы кыштак. Орто айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 940 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кайыңды шаарчасынан 22 *км* түш.-чыгыш тарапта. Кыштак 1934-ж. негизделген. Калкы 1726 (2009); негизинен мал багышат. Орто мектеп, китепкана, клуб бар. Үй-бүлөлүк врачтар тобу иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КУМ-АРЫК КӨРҮСТӨНҮ – 3–6-к-да жашаган көчмөн урууларга таандык археол. эстелик. Чүй өрөөнүнүн Кум-Арык кыш-на жакын жердеги Кайнар-Булак коктусунда жайгашкан. 38 дөбөмүрзө бар. Ар биринин диаметри 6–18 *м*, бийикт. 0,7–1, 5 *м*. Мүрзөлөрдүн көбүндө бирден, кээ биринде экиден адам сөөгү коюлган. Алар – антропол. жактан моңголоид аралашмасы бар европеоид тибиндеги адамдар. Дөбө-мүрзөлөрдү казуу убагында карапа идиш сыныктары, коло күзгүлөр, топчулар, сөөктөн жасалган бычак саптар, тогоолор, жүздөн ашуун ар кандай түстөгү шуру- мончоктор, бүркүт тырмагы, акак таш чөгөрүлүп кооздолгон алтын асем буюмдар, коло тыйын ж. б., ал эми б. з. ч. 6–4-к-га таандык бир мүрзөдөн үч коло жебе табылган. Казанактуу 31 мүрзөнү 1975-ж. археолог Ы. Кожомбердиев изилдеген.

КУМА́СИ – Гананын борб. бөлүгүндөгү шаар. Ашанти обл-нун адм. борбору. Калкы 1,8 млн (2009). Калкынын саны б-ча Ганадагы 2-шаар. Темир ж-а автомобиль жолдор тоому. 17-к-да негизделген. Манхия ак сарайы (1925), форт (19-

к-дын аягы), Ыйык Киприана чиркөөсү (1913) сакталган. Тамак-аш (жер жаңгак, кокос майы, кондитер азыктары ж. б.), жыгаччылык, курулуш материалдар о. ж. ишканалары иштейт. Велосипед, моторлуу велосипед ж-а трактор чогултулат. Кустардык өндүрүшү (жез, коло ж. б. металлдардан буюмдар, алтын беткеп жасалат) өнүккөн. Ун-т, ИИИлер, иск-во ж-а кол өнөрчүлөр мектеби, китепканалар, аскер музейи, улуттук маданий борбор бар. Зоопарк уюштурулган.

КУМ-БЕЛ ВОЛЬФРА́М КЕНИ Нарын р-нунда, Кара-Үңкүр кыш-нан батыш тарапта, Көк-Тай тоосунун түш. капталында. 1910-жылдан белгилүү. Кен аймагын таш көмүр мезгилинин аягында пайда болгон сланец, алевролит, кумдук, акиташ тектери ж-а аларды жиреп чыккан гранит-диорит интрузиясы түзөт. Чөкмө тектер бүктөлүүгө учурап, антиклиналдык түзүлүштү пайда кылган. Антиклиналдын борб. бөлүгүнөн интрузия орун алган, анын түн. капталынан тектон. терең жарака өтөт. Жаракага жакын жердеги интрузия м-н чөкмө тектердин кошулган жеринде скарн пайда болуп, анда кен топтолгон. Кенташ комплекстүү (вольфрам, жез, висмут, молибден, коргошун, кобальт, никель, цинк, темир) келип, скарндагы көп сандаган майда жаракаларды, жиктерди толтуруп, тарам түрүндө кезигет. Тарамдар негизинен кварц м-н кальциттен турат да, арасында шеелит, халькопирит, висмутин, пирит, молибденит, галенит, сфалерит ж. б. учурайт. Айрым тарамдардын уз. 30–200 *м*, калыңдыгы 0,005–0,2 *мге* жетет. Кенташтагы вольфрамдын триоксидинин орт. өлчөмү 0,3%. 1941–55-ж. Кум-Бел кен башкармасы 990 *т* кенташ казып алган.

КУМ-БЕЛ КӨМҮР КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нунда, Фергана тоо тизмегинин түш.-батыш тарамындагы Кум-Бел тоосунда, Талды-Суу м-н Жылан-Уюк суусунун жогорку агымынын аралыгында. 1944-жылдан белгилүү. 1988–91-ж. чалгындоо иши жүргүзүлгөн. Кен көп кабаттуу. Юра катмарындагы көмүрлүү туюк свитасында 51 кабатка ж-а кабатчаларга бөлүнгөн, алар 26 кабатка биригет. Кабаттардын калыңдыгы 0,09 *м*ден 22,77 *мге* чейин. Сапаты б-ча биринчи газдуу көмүр маркасына (I Г) таандык. Күлдүүлүгү 13,41% тен 19,85% ке чейин, орт. күйүү жылуулугу 29,35 *МДж/кг* (7012 *ккал/кг*) – 33,20 *МДж/кг* (7931 *ккал/кг*). Кендин Батыш Кереге-Таш участкасы ачык казып алууга жарамдуу, запасы 11063 миң *т*. Жер астынан казып алууга жарамдуу көмүрдүн $B+C_1$ категориясы б-ча запасы – 28778 миң *т*.

КУМ-БЕЛ КӨРҮСТӨНҮ – о. кылымдарга таандык көрүстөн. Соң-Колдун түш.-чыгыш тарабындагы Кум-Бел суусунун оң өйүзүндө жайгашкан. Мүрзөнүн диаметри 8 *м*. Күл калдыктары, майда мал сөөктөрү кездешкен. Эстеликтин өзгөчөлүгү – таштан курулган мүрзө сымал курулушта балбал таштын орнотулгандыгы.

КУМГАН – металлдан (жез, коло, чоюн), пластмассадан куюлуп жасалган идиш. Түп жагы



Чө[illegible]умган: 1 – капкагы; [illegible]мойну; 3 – тутка-сы; [illegible]оргосу; 5 – түбү.

курсактуу, ичке моюндуу, [illegible]калуу, чорголуу, капкактуу болот. Чай кайнатуу, колго суу куюу, даарат алуу үчүн пайдаланылат.

КУМДАК ТОПУРАК – мех. курамында өлчөмү 0,01 *мм*ден кичине бөлүкчөлөрү 10% тен кем (калган бөлүгү кум) болгон топурак. Чиринди азык заттары аз, ным сиңиримдүүлүгү начар, бирок сууну жакшы өткөрөт ж-а тузсуз келет. К. т. Кырг-нда көп кездешет. Токой ж-а бадал өсүмдүктөрүн өстүрүүгө болот.

КУМ ДӨБӨ – чөлдөрдө өсүмдүктүн тамырланышынан бир жерде жылбай турган дөбөлөр. Ал эми жалаң кумдан туруп, үстүнө өсүмдүк өспөгөн дөбөлөр «бархан», «дюналар» деп аталат.

КУМ-ДӨБӨ – Нарын обл-нун Кочкор р-нундагы кыштак. Кум-Добо айыл округуна караштуу. Кочкор суусунун сол өйүзүндө, деңиз деңг. 1919 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кочкор кыш-нан 18 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 84 *км*. Калкы 3438 (2009); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, мад-т үйү, ооруканa, дарыкана ж. б. бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү иштейт.

КУМДУК – кумдардын цементтелишинен пайда болгон чөкмө тек. Мында кумдарды бириктирип камдаштыруучу заттарга чопо, акиташ, темир оксиди, опал, халцедон кирет. Минералдык курамына карата кварцтуу, аркоздуу, граувактуу түрлөргө бөлүнөт. Көзөноктүү болсо нефть, суу топтолот. Айрымдарында ири жез кендери жолугат. Курулуш ишинде, тегирмен таш жасоодо, кайрак үчүн колдонулат.

КУМДУУ-САЙ ЭСТЕЛИКТЕРИ – 6–10-к-га таандык. Соң-Көлдүн чыгыш жээгиндеги Кумдуу-Сай деген жерден табылган. Боз граниттин жалпак бетине монголоид тибиндеги кишинин элеси чегилген. Башы үч мүйүздүү, баш кийим кийгенсип турат. Сайдын тектирлеринде эрте темир дооруна ж-а о. кылымдарга таандык көрүстөндөр жайгашкан. Археолог Я. А. Шер изилдеген.

КУМДУУ ЧӨЛ – кумдуу рельеф мүнөздүү чөл. Кум түпкү тектердин бузулушунан, байыркы аллювий ж-а деңиз чөкмөлөрүнүн шамал м-н учуп келишинен пайда болот; шамалдын таасиринен жалчалар, бархандар, кум дөбөлөр ж. б. рельефтин формалары түзүлөт. К. ч. башка чөл-



Такла-Макан чөлү.

дөргө караганда жер астындагы сууларга бай келип, өсүмдүктөр арбыныраак өсөт да, чарбада жайыт катары кеңири пайдаланылат. К. ч-дор Орто (Кара-Кум, Кызыл-Кум) ж-а Борб. Азияда (Такла-Макан, Алашань), Африкада (Эрг), Түн. Америкада кездешет.

КУМЕКОВ Болот Эшмухаметович [5. 8. 1940, Казакстан, Жамбыл (азыркы Тараз) ш.] – тарых илимд. доктору (1994), проф. (1996), Казакстан Респ-нын УИАнын корр. мүчөсү (1995), академиги (2003). 1963-ж. ТашПИни бүткөн. 1963–65-ж. Асуан ш-нда котормочу, 1965–74-ж. Казак ССР ИАнын Тарых ж-а этнология ин-тунда аспирант, ил. кызматкер, 1974–96-ж. бөлүм башчы, 1997-жылдан Казак мамл. юрид. ун-тинде Казакстан тарыхы кафедрасынын башчысы. Араб, фарсы, түрк тилдүү маалыматтар аркылуу О. Азиянын о. кылымдардагы тарыхы, мад-ты, булак таануу, тарых-география ж-а картографиясын изилдөөдө олуттуу салым кошкон. 450дөн ашуун ил. эмгектин (а. и. 15 монография) автору.

Эмг.: Государство кимаков IX–XI вв. по арабским источникам, А.-А., 1972; Арабские и персидские источники по истории кипчаков XI–XIII вв., А.-А., 1987; Арабские источники по истории кипчаков, куманов и кимаков VIII–XIII вв., СПб., 1994.

КУМ ЖАЛЧАЛАРЫ – шамалдын соккон багыты б-ча узатасынан созулуп, өсүмдүктөр м-н жапырт же жарым жартылай капталып калган кум дөбөлөрү. Кумдуу чөлдөрдүн эң негизги рельеф формаларын түзөт. Уз. ондогон *км*ге, бийикт. 1 *м*ден 80 *мге* чейин, туурасы жүздөгөн *мге* жетет. К. ж. шамалдын агымдарынан пайда болгон куюндун кыймылынан ж-а капталдын экспозицияларынын бирдей эмес жылышынан келип чыгат. Жалдардын аралыктарында кеңенирээк кокту-колоттор жайгашат. К. ж. О. Азияга ото мүнөздүү; о. эле Казакстан, Жунгария, Индия, Австралия, Африка ж. б. аймактарда кездешет.

КУ́МСКОВ Владимир Иванович (22. 6. 1928-ж. т., Россия, Волгоград обл., Новопавловск р-ну, Мироновск хутору) – экономика илимд. доктору (1986), проф. (1990). Экон. ж-а социалдык өнүктүрүү маселелери б-ча адис. Москва мамл. экономика ин-тун бүткөн (1952). Пермь мамл. ун-тинде улук окутуучу (1956–59), Фрунзедеги физприборлор з-дунда (1959–64), Кыргыз ССР ИА ЭИде ил. кызматкер (1964–71), Кыргыз ССР Мамплан тармагында, а. и. Эсептөө борборунун директору болуп иштеген (1971– 98). 1998-жылдан КР Экон. изилдөө борборунда бөлүм башчы. 120дан ашуун ил. эмгеги, а. и. 7 монографиясы жарык көргөн.

Эмг.: Выравнивание уровня экономического и социального развития Кыргызстана. Ф., 1986; На пути к рынку. Б., 1996; Рыночная экономика – вечная экономика. Б., 2008.

КУ́МСКОВ Геннадий Владимирович (4. 2. 1959-ж. т., Россия Федерациясы, Пермь) – экономика илимд. доктору (2002). Калк миграциясы, калктын социал.-экон. ж-а демогр. маселелери, экономика теориясы б-ча адис. КМУну (1981), Кыргыз ССР ИАнын аспирантурасын (1987), КРСУнун докторантурасын (2001) бүткөн. КР ИА ЭИде ил. кызматкер, бөлүм башчы, КР Эмгек ж-а социалдык коргоо министрлигинде бөлүм начальниги, 2003-жылдан КРСУнун проф. 80ге жакын ил. эмгеги жарык көргөн.

Эмг.: Закономерности и особенности развития миграционных процессов Кыргызстана на современном этапе. Б., 2002; Брачность, рождаемость и миграция в Кыргызстане. Обзор и основные результаты исследования. Б., 2006.

КУ́МСКОВА Наиля Хасановна (19. 1. 1934-ж. т., Ош ш.) – экономика илимд. доктору (1983), проф. (1984). Калктын социал.-экон. ж-а демографиялык маселелери, экономика теориясы б-ча адис. КРдин билим берүүсүнө эмг. син. ишмер (1997). Москва мамл. экон. ин-тту (1957), Кыргыз ССР ИА ЭИ аспирантурасын (1967), докторантурасын (1976–78) бүткөн. КМФИде окутуучу, улук окутуучу, КММИде кафедра башчысы, 1993-жылдан КРСУда кафедра башчысы. 200дөн ашуун ил. эмгеги, а. и. 10 монографиясы жарык көргөн.

Эмг.: Экономика и репродукция человека. Б., 1998; Модель рыночной экономики в Кыргызстане. Б., 2001; Социально-рыночные рубежи Кыргызстана. Б., 2003.

КУМ ТОПУРАК – өтө майда талкаланган кум м-н топурактын аралашмасынан турган чөкмө тек. Өңү-түсү кум м-н топурактын оңүнө жараша боз, саргыч боз болот. Цементтелген түрү *алевролит* деп аталат. Курулуш ишинде кеңири колдонулат.

КУМ-ТӨР – Ички Тенир-Тоодогу суу, Нарын д-нын башаты. Ак-Шыйрак тоо тоомундагы Петров мөңгүсүнөн башталып, Ара-Бел-Суу м-н кошулат да, Нарындын оң курамы – Тарагайды түзөт. Жети-Өгүз р-нунда. Уз. 36 *км*, алабынын аянты 233 $км^2$. К.-Т-дүн 32 куймасы бар. Суу кура-

луу аймагынын орт. бийикт. 4090 *м*. Негизинен мөңгү суусунан куралат. Ири куймалары: Сары-Төр, Борду, Ак-Бел (сол). Жай мезгилинде кирип, күзүндө тартылат. Июндун аягында да ташкындайт. Жылдык орт. чыгымы 3,9 $м^3/сек$. Алабынын 30%тен ашыгын мөңгүлөр ээлейт.

КУМ-ТӨР АЛТЫН КЕНИ Ысык-Көл обл-нун Жети-Өгүз р-нунда, Ак-Шыйрак кырка тоосунун түш.-батыш капталында, Кум-Төр суусунун башталышында, деңиз деңг. 3900–4150 *м* бийикте, Бишкектен 350 *км* алыстыкта жайгашкан. Кырг-ндагы эң ири алтын кени. 1978-ж. табылган. 1980–90-жылдары геол. чалгындоо иштери жүргүзүлүп, запасы бекитилген. Кен аймагы жа-



Кум-Төр кенинин карьери.

ракалар м-н биринин үстүнө бири жылмышкан рифейде пайда болгон аркоздук кумдук ж-а вендеги тиллоид, филлит, көмүрлүү сланец, алевролит, кумдук, кембрий-ордовиктеги акиташ, лидит, карбондогу кумдук, алевролит, гравелит сыяктуу тектердин катмарларынан түзүлгөн. Карбондогу флишти венддин жашыл сланецтеринен бөлүп турган тектон. жарака кумтөр жаракасы деп аталат. Кен ушул жараканын жогорку капталы м-н анын аябай талкаланган аймагында жайгашкан. Кенташ венддин жашыл ж-а көмүрлүү сланецтерине туура келет. Сланецтердин түн.-чыгыш багытындагы жаракалар м-н кесилген, аймактары талкаланган, пириттешкен, талаа шпатташкан, карбонатташкан. Түн.-чыгыш багытындагы жаракалардын меридиан ж-а кендик багыты б-ча кесилишкен жеринде кенташтын көп топтолгону байкалган. Кенташтуу аймак *штокверк* зонасын түзөт. Анын калындыгы 100–320 *м*, уз. 1200 *м*. Алтын сульфиддер м-н байланышкан. Негизги минералдары: пирит, гематит, шеелит, магнетит, ильменит. Алтындан башка күмүш, вольфрам, молибден бар. Кенташтагы алтындын орт. олчөмү 4,4 *г/т*. Алтын запасы 716,909 *т*, күмүштүкү 273 *т*. Кен 1996-жылдын аягынан баштап *Кум-Төр оперейтинг компаниясы* тарабынан казып алынууда.

Компания тарабынан геол. иштерди жүргүзүүнүн натыйжасында бул жердин борб. бөлүгүнөн алтынга бай дагы бир штокверк зонасы табылган ж-а кендин батыш тарабындагы мурдатан белгилүү «Түштүк-Батыш», «Сары-Төр» аянттарында да алтынды казып алуу мүмкүндүгү аныкталган. *К. Осмонбетов.*

КУМ-ТӨР КҮКҮРТ КЕНИ Ысык-Көл обл-нун Жети-Өгүз р-нунда, деңиз деңг. 3800–4000 *м* бийикте жайгашкан (Кум-Төр алтын кенинин чегинде). 1989-ж. Үч-Кошкон [illegible] экспедициясы чалгындаган. Кен филлиттер, кварц-талаа шпаты-карбонат-пириттүү метасоматиттен түзүлгөн. Мында пириттен күкүрт к[illegible]ан өндүрүүгө болот. Кенташта күкүрттүн ол[illegible] 1–13%. Күкүрттүн запасы В категориясы[illegible] 784 миң *т*, C_1 – 1932 миң *т*, C_2 – 315 мин *т*.

КУМ-ТӨР ОПЕРЕЙТИНГ КО[illegible]ПАНИЯСЫ (КОК), Кум-Төр голд компани – Кум-Төр алтын кенин иштеткен тоо-кен ишканасы; «Кум-Төр» долбоорунун оператору. 1992-ж. Канаданын Торонто ш-нда Кырг-н («Кыргызалтын») м-н Канада (Cameco Corporation) өлкөлөрүнүн өз ара келишиминин негизинде 1993-ж. түзүлүп, ишке 1996-ж. киргизилген. 2004-ж. «Кум-Төр алтын» долбоорун реструктуралаштыруу жүргүзүлүп, КР Өкмөтүнүн чечими м-н өз активдерин «Центерра Голд Инк.» компаниясына берген. Натыйжада КОК бул компаниянын бир бөлүмү болгондуктан, КР өз тарыхында 1-жолу эл аралык тоо-кен корпорациясынын биргелешкен ээси болуп калган. «Центерра Голд Инк.» – Борб. Азиядагы түн. американын алтын өндүрүүчү эң ири компания. Ал Кум-Төр кенинен тышкары Монголияда кен казып, Россияда, Түркияда, АКШда бир катар келечектүү геол. чалгындоо долбоорлоруна ээ. КОК алгачкы алтын куймасын 1996-ж. 31-декабрда, ал эми миллиончу унциясын 1998-ж. куюп алган. Жылына орто эсеп м-н 19 *т* алтын ж-а 6 *т* күмүш өндүрүлөт. 1997–2007-ж. кенден 191,2 *т* алтын, 60 *т* күмүш казып алынган. Кенден казылып алынган кенташты иштетүү аяктагандан кийин, анда 80%ке чейин алтын металлын камтыган Доре куймалары куюлат. Бул куймалар андан ары аффинаждоо үчүн «Кыргызалтын» ААКка берилет. 2010-ж. геол. чалгындоо иштери-



Компанияда алтынды эритип алуу процесси.

нин натыйжалары б-ча ишкананы иштетүүнүн мөөнөтү кайра каралып, 2021-ж. чейин узартылган. КОК Канаданын, Кырг-ндын мыйзамдарынын, о. эле Бүткүл дүйнөлүк банктын талаптарын аткарат. Компанияда 2500дөн ашуун адам иштейт (2011).

Ад.: Кум-Тор алтын. Б., 2007; «Центерра Голд Инк». Итоги 2010 года. Б., 2011. К. *Осмонбетов.*

КУМ-ТӨР ЭСТЕЛИКТЕРИ Ысык-Көл обл-нун Кум-Төр жаргесинен (Кашка-Суу, Үч-Чат, Май-Төр) табылган. Мезолит, неолит дооруна тиешелүү. [illegible]ын негизги өзгөчөлүгү – бийик аймакта (деңиз деңг. 3400–3600 *м* бийикте) орун алышы. [illegible]склеустар, жалпак, кичине жарака таштар[illegible]лган. Айрым жалпак ж-а кичине таштар[illegible] бети боёлгон. Эмгек куралдары халцедон, [illegible]вик таштарынан жасалган.

КУМУ[illegible]АР (өздөрүн к у м у к деп аташат) – РФтеги[illegible], Кумык түздүктөрүндө ж-а Дагстан тоо этек[illegible]ринде жашаган жерг. калк. Саны 422,4 миң киши, а. и. 365,8 мини Дагстанда, 8,9 мини Чеченстанда, 12,6 мини Түн. Осетияда, 5,6 мини Ставрополь крайында, 12,3 мини Тюмень обл-нда (2002), о. эле Казакстан, Украина, Түркменстан, Азербайжан, Түркия, Иорданияда да жашашат. *Кумук тилинде* сүйлөшөт. Дини ислам-гендери – мусулман-сунниттер. К-дын этностук негизин Түн.-Чыгыш Дагстанда жашаган байыркы уруулар – аборигендер ж-а түрк уруулары (кыпчактар) түзгөн. К. этноними ж-дө алгачкы эскерүү (б. з. 2-к-да) антикалык, о. эле Плиния Улуу ж-а Клавдий Птолемей ж. б. авторлордун чыгармаларында кездешкен. К-дын этнос катары калыптанышы 12–13-к-га таандык. Негизги кесиби – дыйканчылык, мал чарбачылык ж-а балык уулоочулук. Эркектери койнок, ыштан, бешмет, чепкен, тон, бурка, башына папах, аялдар узун койнок, ыштан, булгаары бут кийим кийишип, башына жоолук салынып, кооздуктарды тагынышкан. Тамак-ашы – негизинен эт, сүт, дан азыктары. *Ш. Керимова.*



КУМЫК ТИЛИ – *кумуктардын* тили; Дагстандын мамл. тилдеринин бири. Дагстанда, Чеченстанда, Түн. Осетин Респ-ына тараган. К. т. түрк тилдеринин кыпчак тобуна кирет, бирок анда огуз топторуна жакындаткан элементтер да арбын кездешет. Карачай, балкар, ногой, караим ж-а крым татарларынын тилине жакын. Адабий К. т. Октябрь рев-ясынан кийин касавюрт ж-а буйман диалектисинин негизинде түзүлгөн. Жазуусу 1928-ж. чейин араб алфавитинде, 1928–38-ж. латын жазуусунда, 1938-жылдан орус графикасына өткөн. К. т-нде орус тилинен кирген сөздөр арбын.

КУМУРСКА КИСЛОТАСЫ, HCOOH – эң жөнөкөй, бир негиздүү карбон к-тасы, мол. салм. 46,03; кескин жыттуу түссүз суюктук; эрүү t 8,25°C; кайноо t 100,7°C. К. к-нын аба м-н болгон аралашмасы (1:6 ж-а 1:2) жарылуу коркунучун туудурат. Суу, диэтил эфири, этанол м-н бардык катышта аралашат. Бензолдо ченемдүү эрийт. Суу м-н азеотроптук аралашманы пайда кылат. К. к-нын калдыгын формил, анын туздары формиаттар деп аталат. К. к. – күчтүү щелочь, тамчысы териге тийсе жаралантат. Табиятта кеңири таралган, карагайдын ж-а чалкандын курамында, кумурсканын ж-а аарынын уюгунда кездешет. Бул к-та биринчи жолу кумурска бөлүп чыгарган суюктуктан алынган. Карбоксил тобу углеводороддук радикал м-н эмес, суутек атому м-н байланышкан үчүн башка к-талардан айырмаланат. Бир жагынан алифаттык к-талардан күчтүүрөөк, экинчи жагынан, альдегиддерге мүнөздүү калыбына келтиргич касиеттерге ээ. Метанды катализдик окистендирүү м-н, о. эле көмүртектин кычкылынан ж-а суудан түз синтездеп алуу жолдору белгилүү: $CO + H_2O \rightarrow HCOOH$. К. к. кездеме боёдо, табигый каучук алууда, коагуляциялоочу каражат катары медицинада (кумурска спирти) колдонулат.

КУМУРСКАЛАР (Formicoidae) – курт-кумурскалардын жаргак канаттуулар түркүмүндөгү жалгыз чоң түкүм. Курсагынын биринчи, кээде экинчи сегменти ичке белин түзөт. Көбүнүн сайгычы ж-а уулуу бездери бар, ал бөлүп чыгарган затта кумурска к-тасы болот. 10 миңге жакын түрү Антарктида ж-а Түн. уюлдан башка жерде, айрыкча тропикте кеңири таралган. КМШ өлкөлөрүндө 350дөй, Кырг-нда 100дөй түрү бар. Алар бир нече он ж-а жүз миңден топтошуп, татаал уюкта жашайт. Уюкта канаттуу эркек ж-а ургаачылары-нан башка жумуртка туучу бир же бир нече ургаачысы ж-а канатсыз жумушчу К. (жыныстык жактан жетилбеген ургаачылары) болот. Жумушчу К. аларды азыктандырат, уюкту тазалайт. Башка уюктун К-ын өзүнүкүнө жолотпойт. Эркеги ургаачысын уруктандыргандан кийин өлөт; ургаачылары канатын жоготуп, жаны уюк түзүүгө кирет. К-дын кээ бир түрү бир нече бүлөдөн туруп, азыгын же особдорун алмашуучу, жалпы кароолу бар колония түзөт. Уюгун жерге, таш ж-а эски жыгач алдына ку-



рат. К. зыянкеч курт-кумурскалардын жумурткасы, личинкасы, өсүмдүк уругу, гүл ширеси ж. б. м-н азыктанып, пайда келтиргендиктен, алардын уюгун коргоо керек.

КУН – өлтүрүлгөн же жабыр тарткан адамдын чыгымын жаба турган каражат, мал ж. б. (к. *Айып*). К-дун жаралышы алгачкы коомдук мамилелерге барып такалат. Дүйнөнүн дээрлик бардык элдеринин тарыхына мүнөздүү. Кыргыздарда К. коомдук мамилелердин өзгөчө катмарын түзгөн; ага байланыштуу «кун алуу», «кун төлөө», «кун куу», «кунуна берүү», «кунуна келген», «кун доо» ж. б. түшүнүктөр кенен тараган. Негизги максаты – күнөөлүү тарапты жазалоо, материалдык ж-а моралдык зыяндын ордун толтуруу. К. алуу (куу) адаты ыйык эсептелип, сөзсүз түрдө аткарылган. Бул көрүнүш коомдун социалдык-экон. өнүгүүсүнө жараша бир нече баскычтан өтүп, өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Бирок негизги маңызы – күнөөлүү тарапты жазалоо функциясы сакталып калган.

КУНАЕВ Динмухамед Ахмедович [31. 12. 1911 (12. 1. 1912), Верный (азыркы Алматы) ш. – 22. 8. 1993, ошол эле жер] – сов. парт. ж-а мамл. ишмер; Казакстан ИАнын академиги (1952), тех. илимд. доктору (1969), үч жолку Соц. Эмг. Баатыры (1972, 1976, 1982). 1936-ж. Москва түстүү металлдар ж-а алтын ин-тун бүткөн. 1936–42-ж. Балхаш, Алтай, Риддер, Лениногор кен комбинаттарында машинист, цех башчысы, башкы инженер, «Алтайполиметалл комбинатында» башкы инженердин орун басары, кен башкармасынын директору, 1942–52-ж. Казак ССР ЭКСтин төрагасынын орун басары, 1952–55-ж. Казакстан ИАнын президенти, 1955–60; 1962–64-ж. Казак ССР Министрлер Советинин төрагасы, 1960–62; 1964–86-ж. Казакстан КП БКнын 1-секретары болуп иштеген. СССР Жогорку Советинин (3–9-шайл.) депутаты. КПСС БКнын (1956–87), КПСС БКнын саясий бюросунун мүчөсү (1971–87; 1966-жылдан кандидат). Казакстандагы карьерлерде кен казуунун натыйжалуу ыкмаларын изилдеп, өндүрүшкө киийрген. Эмгектери кенди ачык жол м-н казуунун теор. ж-а практикалык маселелерине арналган. 8 Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендери м-н сыйланган.



КУНАЖЫН – бир жарым (тай К.), эки (кунан К.), үч (быштуу К.) жашар ургаачы уй. К. кунан (эки жашында) кезинде куутка кошулат. Бооз кезинде адегенде торпоктор м-н бирге багылып, тууруна 2–3 ай калганда инек уйларга кошулуп, 7–10 күн калганда туут жайга киргизилет. Анын рациону тирүүлөй салмагына, бооз-кысырына жараша түзүлөт.

КУНАН – эки-үч жашар эркек жылкы. Чоң атка салыштырганда К-дын дене түзүлүшү бир аз субагай келет. Айгыр болчу К. теги, породасы, асыл тукумдуулугу ж. б. мыкты сапаттары б-ча тандалып алынат. Эки жаштагы бодо мал да К. аталат.

КУНАСТАР *(Ciconndae)* – куштардын кунас сымалдар түркүмүндөгү тукуму. Дене уз. 76–152 *см*, салмагы 4 *кг*га жетет. Тумшугу узун же ийилген. Канаты узун, жазы[illegible] чыгаруучу булчундары жок болгондуктан [illegible]арым түрү үн чыгаралбайт. 11 уруусу, 17 т[illegible]тропик, субтропик ж-а мелүүн алкактарда таралган. КМШ өлкөлөрүндө 3 түрү (кара, ак ж-а кара тумшук К.) бар. Ак К-дын салмагы 4 *кг*га жетет. Буту, тумшугу узун, жүнү ак, чалгындары кара. Алар Европа, Япония, Борб. Азия ж. б. кездешет. Туруктуу түгөй күтөт. Ачык жерде, дарак, аска, жар, үй чатырларына диаметри 1–2 *м* уя салып, 3–5 жумуртка туун, 1 айга экөөлөп басат. Алар уялагандан кийин көбүнчө топко чогулат. Бака, кескелдирик, чычкан, курт-кумурскалар ж. б. м-н азыктанат. Келгин куш. Борб. ж-а Түш. Африка, Түш.-Батыш Азия ж-а Батыш Кытайда кыштайт. Нымдуу шалбаада, сазда азыгын издейт. Азайып кеткендиктен, коргоого алынган.



Кунастар: 1 – ак кунас; 2 – кара кунас.

КУНАШИР – Курил а-нын курамындагы арал. Аянты 1,5 миң *км*^{2}дей. Бийикт. 1891 *м*. Аракеттеги жанартоолор (Тятя, Менделеев, Головнин) ж-а көптөгөн минералдуу ысык булактар (Ысык-Пляж, Жагымдуу-Булак ж. б.) бар. Карагай, көк карагай, о. эле аралаш ж-а жазы жалбырактуу токой, курил бамбугу өсөт. К-де Южно-Курильск шаарчасы жайгашкан.

КУНДАК – 1) ымыркай бешикке болонгучо жатуучу төшөкчө (уя). Көбүнчө тоо жүнүнөн, тыбыттан же койдун уян жүнүнөн кат-кат төшөлүп, баштык же ачык (бүктөп оромо) түрүндө жасалган. Сырты кездеме, таар, жаргак м-н капталган. Кочкондо алып жүрүү, кереге башына илип коюу, сууктан сактоо үчүн ынгайлуу болгон; 2) мылтыктын түпкү жоон жыгач бөлүгү.

КУНДУЗ (Lutra) – суусарлар тукумундагы кундуздар уруусуна кирген жаныбар. Дене уз. 70 *см*, салмагы 10 *кг*га жакын. Жылына 2 жолу 2–4төн туулт. Балык ж. б. суу жаныбарлары м-н азыктанат. Куйругу узун, буту кыска, манжалары жаргакча м-н кошулган. Жону кара күрөн, боору агыш, жүнүно суу жукпайт.

Кышкы териси ото баалуу. Өткөн кылымдын биринчи жарымында Түн. Кырг-нда Ысык-Көлдүн чыгыш бөлүгүндө, Кокомерен, Нарын, Чаткал д-нда жашаган. Кийин К-дун саны сте азайып кеткендиктен, Кырг-ндын Кызыл китебине катталган.



КУНДУЗ ГҮЛ (Pulsatilla Adan[illegible] – өсүмдүктөрдүн байч[illegible]йлер тукумундагы [illegible]уусу. Бийикт. 40 *см*ге [illegible]кен көп жылдык чөп. Жалбырагы тамыр [illegible]ынчасына же сабакта шакектеп жайгашк[illegible]. Гүлү жалгыздан, ак, мала же кочкул кызыл[illegible] 5–6 мүчөлүү. Аталыгы ж-а энелиги көп. Момосу – жалбыракча. Кырг-нда 2 түрү белгилүү, анын бироо (Костычев К. г-ү) – Алай ороонундо гана өсүүчү эндемик. Ал ото кооз болгондуктан, атайын коргоого алынган. К. г-дун айрым түрү дары катары медицинада пайдаланылат, кооздук үчүн гүлзарда өстүрүлөт. Курамында ранункулин глюкозиди болгондуктан уу.



КУНДУЗ ТИКЕН (Echinops) – өсүмдүктөрдүн таалал гүлдүүлөр тукумундагы уруусу. Бир же көп жылдык чөп. Сабагы 50–150 *см*ге жетет, түз өсөт, бутактуу, жалбырагынын жээги тегиз же тилкелүү, кезектешип жайгашкан, уз. 10–25 *см*, туурасы 3–10 *см*, жээги тикенектүү. Гүлү катуу кирпикчедей ороочтуу, томолок башчадай топ гүлдү түзөт, сабактары бутактын чокусунда жайгашкан. Ар бир гүлү түтүкчөдөй, көгүш кызыл, көк түстө, аталыгы 5, энелиги 1, эки жыныстуу. Момосу үпүчөлүү данча. Жер жүзүндө 130 түрү Евразияда, Жер Ортолук деңиз жээгинде, Түн.-Чыгыш Африкада таралган. Кырг-нда 10 түрү жапыз ж-а боксо тоодогу боздоңдо, өзөндө ж-а шалбаада кездешет. Айрымдары чабынды шалбаанын, жайыттардын отоо чөбү катары тоют чөпкө кыйла зыян келтирет.

КУНЖУТ (Sesamum indicum L.) – кунжуттар тукумуна кирүүчү бир жылдык өсүмдүк. К. эң байыркы майлуу өсүмдүктөрдүн бири. Азияда, Африкада ж-а Европанын кээ бир аймактарында кездешет. Кытайда, Египетте, Индияда, Аравияда, Ява а-нда ж-а Палестина өлкөлөрүндө кеңири таралган. Борб. Азияда негизинен Өзбекстанда, Тажикстанда ж-а Түркмөнстанда айдалат. К. – бийикт. 120–150 *см*, тик өскөн өсүмдүк. Тамыры 1 *м* терендикке чейин сүңгүйт, момосу – сүйрү чанак. Чанагында 70–80 майда жалпак уругу бар. Уругунда 47–63% май, 19-25% белок ж-а 46–49% олеин, 8–9% пальметин, 4–5% стеарин, 0,4–1% арахин к-талары болот. К-тун майы кондитер азыктарын ж-а маргарин жасоодо пайдаланылат. Кубанец 55, Краснодарец, Ташкент 122 деген сорттору бар. Кырг-ндын түш. аймагында өстүрүлөт.

КУНУ (Castrol) – сүт эмүүчүлөрдүн кемирүүчүлөр түркүмүндөгү түрү. Сууда, кургакта жашайт. Денесинин уз. 1 *м*, куйругу 30 *см*, салм. 30 *кг*га жетет. Куйругу жалпак, жүнсүз мүйүз сымал калканчалар м-н капталган. Аркты буттарынын манжалары сүзгүч жаргакчалар аркылуу туташкан. Түсү кара-күрөн, саргыч-боз, кээде кара. Европа, Азия, Түн. Америкада сакталган. Жай аккан, жээги бак-даректуу токойлуу сууларда жашайт. Жоон даректарды жыгып, бутактарын «кыйып», сууларга тосмо жасайт. Моногам, ургаачысы 3–4 бала туулт. 35 жылга чейин жашайт. Териси кооз, жылуу, бышык болгондуктан баалуу.



КУНУ АЙБАНАТТАРЫ – жапайы же колдо багылып, терисинен мех буюмдары жасалуучу сүт эмүүчү жаныбарлар. Жер шарына кеңири таралган. КМШ өлкөлөрүндө 100дөн ашык түрү бар. Алар тундра, Сибирь тайгасы, токойлуу талаа, Теңир-Тоо, Памир, Кавказ, Саян тоолорун мекендейт. К. а-нын 40тан ашык түрү (булгун, суусар, суу күсөн, кундуз, түлкү, карышкыр, аюу, жолборс, чөө ж. б.) жырткычтарга, 40тай түрү (тыйын чычкан, кемчет, суур, ондатра ж. б.) кемирүүчүлөргө, 13төй түрү коён сымалдарга (европа коёну, ак коён, маньжур коёну ж. б.), 7дей түрү курт-кумурска м-н азыктануучуларга (калтар чычкан, кор чычкандын бир нече түрү) кирет. Булардан тышкары деңиз мышыгы да кездешет. К. а-нын сейрек ж-а ото сейрек учуроочулары (жолборс, илбирс, кабылан, ак аюу, деңиз кундузу, кызыл карышкыр, кара кулак шер, көк жал ж. б.) да бар. Мындай айбанаттарга анчылык кылууга тыюу салынган. Алар атайын уруксат б-ча зоопарк үчүн гана кармалат. Кышкы териси баалуу К. а-тар: тыйын чычкан, булгун, суусар, түлкү, коён, кызыл күсөн, арыс ж. б. КМШ өлкөлөрүнө чет өлкөдөн алынып келип, байырлаштырылган К. а.: ондатра, суу күзөн, саз кунусу ж. б. Кырг-нда суусар, кашкулак, суур ж. б. кезигет. Кышкысын чээнге кирүүчү кашкулак, суур сыяктуу айбанат териси промыселдик максатта кеч күздө даярдалат.

КУНУ АЙБАНАТ ЧАРБАСЫ – мал чарбачылыгынын баалуу тери алуучу тармагы. Негизинен куну айбанаттар – калтар, түлкү, суу күсөн, кемчет, булгун, нутрия ж. б. капаста багылат. Россияда куну айбанаттарды капаста өстүрүү 16–17-к-да башталган. Бирок ал анча өнүккөн эмес, анткени колдо багылган куну айбанат териси жапайынынынан кымбат турган. СССРде К. а. ч. 20-к-дын 20-жылдарынын аягынан өнүгө баштап, чет өлкөлөргө сатуу үчүн куну айбанат терисин даярдоо б-ча адистештирилген совхоздор (Москва, Архангельск, Тюмень обл-нда) уюштурулган. Чет өлкөлөрдө куну айбанаттарды капасканада өстүрүү 19-к-дын аягында (Канадада) башталган. АКШ, Дания, Швеция, Норвегия, Финляндия, Канада, Польшада негизинен суу күсөн багуу жакшы өнүккөн. Кырг-нда атайын К. а. ч. болбогону м-н, куну багуучу жеке фермерлер бар.

КУНУ-КУТУ – о. кылымда бутпарас динин туткан урууларды сыйынуу жайы. Негизинен арабфарсы жазма даректеринде «хото» («үй») ж-а «хуту» («мүйүз») түрүндө кездешет. Бирок анын пайда болушу, мааниси, коомдогу ролу тууралуу кеңири изилдөөлөр жүрө элек. *Балыкооздун* санжырасында К.-К-га огуз (кыргыз, *коңурат, жедигер, казак* ж. б.) уруулары сыйынган ж-а ал Ордо (Отор) ш-нын (к. *Кузордо*) борб. болүгүндөгү бир нече болмөдөн салынган атайын имаратта («ажайынкана») сакталган. Эң түпкү болмөгө куту орнотуп, ошого жаткырып коюшкан ж-а абдан бекем кайтарууга алынган. *«Худуд ал-Ааламда»* башка өлкөлөрдөн алынып келген белгисиз жаныбардын («ажыдаар» – ар. «шахи-и аждаза») мүйүзү катары көрсөтүлөт. В. В. *Бартольд* аны түн. жактан алып келинген морждун азуу тиши деп болжолдойт.

Ад.: *Акылбеков А., Алымбеков Т.* Балыкооздун санжырасы. Б., 2009; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 2002. Т. 1.

Э. Турганбаев.

КУНЬЛУ́НЬ, К у э н ь - Л у н ь – дүйнөдөгү ири тоо тармактарынын бири; Кытайдын аймагында. Батыштан (Памирден) чыгышты карай (Сина-Тибет тоолоруна чейин) 2700 *км* аралыкта созулуп жатат. Туурасы батышында 150 *км*, чыгышында 600 *км*. Эң бийик жери 7723 *м* (Улуу-Музтаг чокусу). Түн. капталынын Тарим түздүгүнө ж-а Алашань чөлүнө салыштырмалуу бийикт. 4500–5000 *м*, түш. капталынынкы 1000–1500 *м* келип, Тибет тайпак тоосуна өтөт. Негизги кырка тоолору: Кашкар, Орус, Алтынтаг, Аркатаг, Баян-Хара-Ула; К-га көбүнчө Наньшанды да кошот. К. палеозой бүктөлүү кыймылынан пайда болуп, алып орогенезинде калыптанган; негизинен гранит ж. б. метаморфизмделген тоо тектерден түзүлгөн. Суу болгүчү аз тилмеленген, түн. капталы тик, түштүгү жантайыңкы. Климаты кургак, мелүүн, кескин континенттик. Бийигирээк зонасында январдын орт. темп-расы –35°Сге чейин, июлдуку 10°С чамасында. Жылдык жаан-чачыны батышында 50 *мм*, чыгышында 500 *мм*. Мөңгүлөрүнүн жалпы аянты 11,6 миң *км*². Дарыялары кыска, сууга жарды; чыгыш К-да (Наньшанда) Кукунор көлү жайгашкан. Тоо чөлү ж-а талаа ландшафты мүнөздүү; түн. капталдарында токойлуу ж-а шалбаалуу чакан аянтчалар кездешет. Көчмөн мал чарбасы, 3600 *м* бийикке чейин оазис дыйканчылыгы (арпа, тоо этегиринде – буудай) өнүккөн. Кытайча Куэнь-Лунь – «пияздуу тоолор»; ал жерде сарымсак, [illegible] ж. б. жапайы пияздын көптүгүнө байланыш[illegible] аталып калган.

Ад.: Куньлунь и Тарим. М., [illegible]81; Физическая география Китая. М., 1964; [illegible]здецкий Н. А., *Голубчиков Ю. Н.* Горы. М., [illegible]87; Физическая география материков и океанов [illegible], 1988.

КУНЬМИ́Н – Кытайдын түн.-батышындагы шаар. Юньнань провинциясынын адм. борбору. Дяньчи көлүнүн жээгинде, бөксө тоонун этегинде, 1892 *м* бийиктикте жайгашкан. Калкы 1,1 млн (2009; агломерациясында 2,5 млн). Эл аралык аэропорту (2-курулууда) бар. Жолдор тоому. Т. ж. м-н Вьетнам, автомобиль жолу аркылуу Мьянма, Тайланд, Вьетнам, Лаос м-н байланышат. Шаар 1-к-да пайда болгон. Пагода (Чыгыш, Батыш), будда храмдары (1301), мечит ж. б. сакталган. КЭР ИАнын Куньмин болүмү, 300дөн ашык ИИИлер (а. и. ботаника, биология, зоология ж. б.), ун-ттер, китепканалар, музейлер ж. б. бар. Металлургия (так өлчөөчү аспаптар), машина куруу (станок, электртех.), хим., текстиль, тамак-аш, целлюлоза-кагаз ж. б. өнөр жай ишканалары иштейт. Кол өнөрчүлүк өнүккөн. Ботан. бак, парк, зоопарк уюштурулган. Жыл сайын ярмаркалар өткөрүлүп турат. Туризм өнүккөн.

КУПА́ЛА Янка [чын аты-жөнү – Иван Доминикович Луцевич; 25. 6(7.7). 1882, азыркы Минск обл., Молодечненский р-ну, Вязынка ш. – 28. 6. 1942, Москва, сөөгү Минскиге коюлган] – беларус совет жазуучусу, коомдук ишмер, беларус ад-тын негиздегендерден, Беларус эл акыны (1925), Беларус ССР (1928) ж-а Украин ССР ИАнын академиги (1929). Санкт-Петербургдагы жалпы билим берүүчү курстан (1909–13), Москвадагы А. Л. Шанявский атн. элдик ун-ттен окуган (1915). Анын «Дыйкан» аттуу алгачкы ыры 1905-ж. жарыкка чыккан. «Жалейка» (1908), «Гусляр» (1910), «Турмуш жолу менен» (1913), «Мурас» (1922), «Орденду Беларуссия» (1937), «Чын жүрөктөн» (1940; СССР мамл. сыйл., 1941) ыр жыйнактарынын, «Түбөлүктүү ыр» (1908), «Добо» (1910), «Арыстандын көрү» (1913) поэмаларынын, «Таланган уя» (1913) драмасынын автору. Айрым ырлары кыргыз тилине которулган (Т. Үмөталиев ж. б.). Ленин ордени м-н сыйланган. Минскиде К-нын музейи (1945) бар.

КУ́ПЕР Жеймс Фенимор (15. 9. 1789, Нью-Жерси штаты, Берлингтон – 14. 9. 1851, Нью-Йорк штаты, Куперстаун) – амер. жазуучу, 19-к-дагы америка ад-тынын классиги. 1803–05-ж. Йель коллежинде окуган. Агартуучул салттарды романтизм м-н айкалыштырган («Сактык», 1820). Түн. Американы каратуу убагындагы баатырдык ж-а трагедиялуу окуялар ж-дөгү романдар цикли (Мергенчи Натти Бумно ж-а анын досу индей Чингачкук жөнүндө бешилтик, а. и. «Пионерлер», 1823; «Могикандардын акыркысы», 1826; [illegible]а укмуштуу окуялуу «деңиз романдары» [illegible]цман», 1823) дүйнөлүк балдар ад-тынын [illegible]сикасы болуп калды. «Моникиндер» (183[illegible]) социалдык-саясий сатирасы, «Кратер» (184[illegible]) [illegible]туу пессимисттик утопиясы, «Шпион» (182[illegible]) «Браво» (1831), «Гейденмауэр» (1832) тарыхы[illegible]ык, «Землемер» (1845) романдары бар. Айрым чыгармалары экрандаштырылган.

Чыг.: Собр. Соч.: В 9 т. М., 1991–1993.

Ад.: *Иванько С. С.* Ф. Купер. М., 1991.

КУПЛЕ́Т (фр. couplet) – ыр же обондун ыргактуу *строфасы*. Мында бүтүн обон бир поэтикалык строфага туура келет да, поэтикалык строфа, обон кээде түрлөнтүп аткарылышы ыктымал. К., адатта, ыр м-н башталып, кайырма м-н аяктайт. К-тер шайыр, тамашалуу же сатиралык мүнөздө болот. К. көбүнчө водевилдерде, оперетталарда учурайт.

КУПО́Н (фр. coupon – кыркма талон) – 1) процент же дивиденд түрүндөгү тиешелүү кирешенин белгиленген мөөнөтү жеткендигинен улам алууга укукту камтуучу айрыма талон түрүндөгү баалуу кагаздын бир болүгү. К. баалуу кагаздарды чыгарган АКга же өкмөткө (эреже катары банк аркылуу) төлөөдө көрсөтүлөт. К. адатта облигацияларга бекитилет, айрым учурларда өз алдынча айланышы мүмкүн. Бирок бардык эле учурларда ал өзү бекитилген облигацияга окшошууга тийиш, төмөнкүдөй тиешелүү реквизиттерди камтыйт: карыздар ишкананын аталышы, облигациянын аталышы ж-а номери, төлөп жаткан агентчиликтин (банктын) аталышы, К. суммасын, анын иштөө мөөнөтүн, ошол серияны биринчи купонунан эсептегенде катар номерин ж. б. Кырг-нда К-дор экон. объекттерди, турак-жайды менчиктештирүүдө, ишканалардын акцияларын сатып алууда колдонулган. 2) Украинанын гривенасы киргизилгенге чейинки акча бирдиги.

КУПРИ́Н Александр Иванович [26. 8(7. 9). 1870, Пенза губерниясы, Наровчат ш. – 25. 8. 1938, Ленинград] – орус жазуучусу. Чыгармалары 1889-жылдан жарыялана баштаган. Алгачкы чыгармаларында жакырлар турмушун, капиталисттик эзүүнү реалисттик түрдө сүрөттөйт («Молох» повести, 1896). Социалдык-сынчыл маанайдын күчөшү «Кармашуу» (1905), «Аңгек» (1909–15) повесттеринде байкалат. «Олеся» (1898), «Циркте», «Саз» (1902), «Коркок», «Ат ууру» (1903), «Гамбринус» (1907), «Гранат билерик» (1911) аттуу повесть ж-а аңгемелердин, «Листригондор» (1907–11) очерктер циклинин, «Юнкерлер» (1928–32) аттуу автобиогр. романдын автору. Бир катар чыгармалары сахнага коюлуп, киного тартылган. Аңгемелери кыргыз тилине которулган (К. Саякбаев, Т. Самудинов, А. Кыдыров).



Чыг.: Собр. соч. В 9 т. М., 1970–*1973*.

Ад.: *Кулешов Ф. И.* Творческий путь А. И. Куприна, 1883–1907, 2-е изд. Минск, 1983; *Он же.* Творческий путь А. И. Куприна. 1907–1938. 2-е изд. Минск, 1987.

КУПРИ́Т (лат. kuprum – жез), к ы з ы л ж е з к е н т а ш ы – оксиддер классына кирүүчү минерал. Хим. формуласы Cu_2O. Курамында 88,8% жез, 11,2% кычкылтек кездешет. Куб системасында кристаллданат. Өңүтүсү кызгылтым, бирок башка түстөр аралашып кубулжуп көрүнөт. Алмаздай күчтүү жалтырайт. Катуулугу Моостун шкаласы б-ча 3,5–4. С. салм. 6,14. Жез кенинин кычкылдануу аймагында халькопирит, ковеллин, борнит ж. б. минералдардын өзгөрүп кетишинен пайда болот. Жез кени. Бирок жаратылышта ири кендерди пайда кылбайт.



КУПУЕВ Пирмат (15. 3. 1942-ж. т., Ош обл., Ноокат р-ну, Кыргыз-Ата айылы) – экономика илимд. доктору (1988), проф. (1990), КР УИАнын корр. мүчөсү (1997). Эл чарбасын ж-а анын тармактарын башкаруу б-ча адис. Москва станок-аспап ин-тун (1965), КМУнун аспирантурасын (1972) бүткөн. 1966–69-ж. Фрунзе машина куруу з-дунда инженер-технолог, мастер, смена начальниги, 1973–90-ж. КМУда окутуучу, кафедра башчысы, декан, 1993–94-ж. Ош обл. мамл. администрация башчысынын кеңешчиси, 1994–99-ж. КР УИАнын Түштүк бөлүмүнүн коомдук илимдер ин-тунун, 1999-жылдан ОшМУнун Укук, экономика ж-а башкаруу ин-тунун директору. 100гө жакын ил. эмгеги, а. и. 6 монографиясы жарык көргөн.



Эмг.: Управление эффективностью производства и движения предметов потребления. Ф., 1985; Население и социальная сфера. Б., 1997.

КУР – бел байлоочу курчоолордун жалпы аты. К. булгаары, кайыш, кездеме ж-а сызмадан жасалат. Анын бир нече түрү бар. Тактык коомдо К-ду социалдык абалына, курагына жараша курчанышкан. Дөөлөттүү, мансаптуу адамдар к е м е р К-ду пайдаланышкан. Ал булгаарыдан жасалып, жазы тилинген бетине түрдүү темир чабылган. Тоголосу жазы келип, ичинен темир илгич м-н курчалган. Түшүрүлгөн шокоттордү сыпоздоо үчүн жамбы күмүш жалатылып, оймо-чиймө м-н кооздолгон. К е з д е м е К. жибек, шайы, чыт, сатин сыяктуу кездемеден 1,5–2 *м* узундукта жасалган. Мындай К-ду көбүнчө карылар курчанган. Тоонун же койдун уяң жүнүнөн ж-а эчки тыбытынан согулган с о к м о К-дуи ар кыл түстүүсүн ж-а жол-жолу барын балдар, аппагын же когүн (жашылын) чоң кишилер, карасын ж-а бозун карылар, ал эми ж о о л у к К-ду балдар ж-а жигиттер, кайыш, сызма, жиң К-ду букаралар курчанган.

КУРА́ – Закавказьедеги дарыя. Уз. 1364 *км*, алабынын аянты 188 миң *км*². Түркиядан башталып, Грузия, Азербайжандын аймактары аркылуу агат. Каспий деңизине куярда аянты 100 *км*² болгон дельтаны пайда кылат. Башатынан Тбилиси ш-на чейин куюн капчыгайлар, айрым болуктөрүндө тоо аралык чуңкурдуктар, томон жагында бийик жайгашкан түздуктор аркылуу агат; Кура-Аракс ойдунунда К-ның жээктерине тосмолор курулган. Негизги куймасы – Аракс (оң). Орт. чыгымы 575 *м*³/*сек*. Жылына 21 млн тга чейин шленди агызып келет. Томонку агымында кеме жүрөт. Суугатка пайдаланылат. Суусунун жарымына жакыны канал аркылуу Аракска берилет. Дельтасында балык (севрюга, болуга, осётр, судак ж. б.) кармалат. К-да Земо-Авчал, Мингечаур ж. б. ГЭСтер ж-а суу сактагычтар курулган; боюнда Гори, Тбилиси, Рустави, Мингечаур ж. б. шаарлар жайгашкан.

КУРА́-АРА́КС ОЙДУНУ Чоң ж-а Кичи Кавказ тоолорунун аралыгында, Кура ж-а Аракс д-ның томонку ороондорүндө, Азербайжан Респ-ның аймагында жайгашкан. Чыгышынан Каспий деңизи м-н чектешет. Уз. 250 *км*. Бийик. 200 *м*-ге чейин, орто ж-а чыгыш бөлүктөрү деңиз деңг. томон жатат. Нефть кени бар. Шыбактуу ж-а баялыштуу субтропик чөлү кышкы жайыт катары пайдаланылат. Суугат жерлерине пахта, жемиш бактары, жүзүм өстүрүлөт. К.-А. о. – Карабах, Муган, Ширван ж-а Миль түздүктөрүнө бөлүнөт.

КУРАК э т н о г р а ф и я д а – ар түрдүү түстөгү кездеме оюндорунан курастырылган буюм. К-тын бөлүктөрү кездеме (тукаба, баркыт ж. б.), кийиз ж-а тери кесиндилеринен жыйналып, үч бурчтук, чарчы, ромб, тилке түрүндө бычылып, ар кандай айкалышта (алгач ийне м-н кездемени кылоо аркылуу) курастырылып, *балыш*, жер тошок, бешик жабуу, *түш кийиз*, *текче*, *кулгу*



кап, *аяк кап*, *туштук*, телевизор жапкыч, отургуч жапкыч, ал эми териден *көлдөлөң* сыяктуу үй буюмдары жа- лат. Үч бурчтук үрү т у м а р же у р н а, ал эми бурчтуктардын ирини үчүна эки чисинин аягы жалгаш- өткөн тизмеги т у р н а к а т а р деп атал- . К. түрлөрүнүн бото коз, боруз коз, мүйүз, ки- ма, айырма, ку- наба дегендери да бар. К-тын жердеги илата делет да, ак сүрү м-н кара илактан болот. О. эле буюмдун «колтугу», «мангылы» ж-а «козу» са- лынат. Булар элдик К-чылык кочоттору болуп саналат. К-ка ар кандай элести берген кочоттор түшөт, «омуртка», «ийрек», «жылдызча» кочоттору К. куроодо көбүрөөк пайдаланылат. Түш. Кырг-ндын Лейлек, Баткен, Кадамжай, Жаны-Жол, Алай, Ноокат, Токтогул, Талас ороондүрү Киров, Покровка ж-а Ысык-Көл, Нарын аймактарында К-чылык өнөрү бөтөнчө баалашат. Вул өнөр О. Азиядагы түрк элдеринде, о. эле тажиктерде да бар. Учурда К. элдик жасалгалоодонмо өнөр буюмуна айланып, чебер кыз-келиндер салттуу үй буюмдарын жаңыча жасоодо К-ты кеңири колдонууда.

КУРАМА КЫРКА ТООСУ Батыш Тянь-Тоодо. Тажикстан, Өзбекстан ж-а Кырг-ндын чек арасында жайгашкан. Түш.-чыгышынан Фергана ойдуну м-н чектешет. Сыр-Дарыянын ж-а Ангрен д-ның суу бөлүгүчү. Түш.-батыштан түш.-чыгышка 120 *км*-ге созулуп, Чаткал кырка тоосуна барып такалат. Эң жаны жери 25 *км*. Орт. бийик. 2700 *м*, эң бийик жери 3769 *м*. Ангрен д-на караган түш.-батыш бети тик ж-а кокту-колоттуу, Фергана ойдуну тарабы жантайыңкы. К. к. т-нда негизинен палеозойдун метаморфизмделген сланецтери ж-а карбонат, эффузив тоо тектери жатат. Кен болүгүн аларды жирен чыккан гранит, гранит-диорит ж-а аляскит интрузиялары эзөйт. Тоо тек катмарлары ири бүктөлүүлөргө дуушарланып, жалпысынан түш.-батыш, түш.-чыгышка багытталган тектон. ири жаракалар м-н тилмеленген. Кен байлыктарынан калай, күмүш, жез, коргошун, цинк, флюорит, сейрек кездешүүчү металл кендери бар. 9–10-к-дан алтын м-н күмүш казып алынган. Ландшафтында жарым чөл ж-а кургак талаа (2000 *м* бийиктикке чейин), шалбаалуу, сейрек бадалдуу талаа (2000–2500 *м*), шалбаалуу токой (2500–2800 *м*), андан жогору шалбаалуу субалпы ж-а алпы алкактары басымдуу. Жайыт.

КУРАМА САН – оңунон ж-а бирден башка да болүүчүсү бар *натуралдык сан*. Алар бирге, оң-

нон ж-а башка санга да болүнөт, мис., 8, 39, 621 ж. б. *Жонокой сандар* сыяктуу К. с-дар да чексиз. Арифметиканын негизги теоремасы б-ча каалаган К. с-ды анын жонокой көбөйтүүчүлөрүнүн көбөйтүндүсү түрүндө бир гана жол м-н түюнтууга болот (көбөйтүүчүлөрүнүн тартиби эске алынбайт).

КУРАН (ар. куран – кыраат, үн чыгарып, жатка окуу) – мусулман диний окуу б-ча «алланын амири ж-а корсотмолору» жазылган исламдын негиз ыйык китеби; диний жол-жобо, үрп-адат үлгүлүк эрежелеринин, келмелер м-н дубалар ж-а *Мухаммеддин* (570–632) осуяттарынын ыйнагы. Мусулман диний окуусунда (кал) аны адам жазбагандыгы, «түбөлүк түүлүү ж-да атайын айтылган. К. 114 сүрөө болүү , 6206 аяттан турат. Арабдардын байыркы диний ишенимдерине негизделген дубалар, келмелер, каргыштар, «бейиш», «тозок», «кыямат» ж-дөгү сүрөөлөр, иудаизм ж-а христиан диндеринен алынган жомоктор, пайгамбарлар ж-дөгү легендалар, мифтер, араб элдеринин турмуш-тиричилигиндеги диний үрп-адаттарга негизделген жарандык үй-бүлө, мүлктүк, соода ж. б. мамилелер ж-дөгү жол-жоболор, үгүт-насыяттар, көп кудайга ишенүүнү айыптоо ж-а жалгыз кудай (Алла) тууралуу идеяны үгүттоолор ж. б. К-дын негизги мазмунун түзөт. К. Мухаммед олгондон кийин түзүлө баштаган. Уламыш б-ча К. Осмон халифтин түшүндө (644–656) редакцияланган. К-да бир эле маселе б-ча карама-каршы көз караштардын орун алышы, сүрөөлөр м-н аяттардын стилинин ар түрдүүлүгү, алардын лексикалык өзгөчөлүктөрү, материалдардын баш аламан жайгаштырылышы, анын тексти ар кайсы доордо, ар башка адамдар тарабынан редакцияланып, тигил же бул доордун талабына жараша өзгөрүүгө дуушар болуп келгендигин далилдейт. К. мусулман элдеринин мад-тынын өнүгүшүнө чоң таасир тийгизген. Араб окумуштуусу Шейх Мустафа Ахмед: «Ыйык Куран адамдардын колуна тийгенге чейин эле (7-к.) арабдардын жашоосу, ад-ты ж-а поэзиясы өсүп-өнүгүүгө жетишкен. Алар мыкты ырлардын мелдешин өткөрүшүп, ырлардын окулушундагы ыргактарга, созолонуп маанинин күчөтүлүшүнө, үнкүлүктүүлүгүнө жогору баа беришкен. Бирок Куранда жазылган ыйман созолонуп үгүшкөндө, аның өтө кыраакылуу, үнкүлүктүү ж-а кереметтүү таасирлерине таңданышкан» деп Курандын маанисин түшүндүргөн. Куранда билим алуу ж-а ил. изилдөө жүргүзүү маселелерине жогору баа берилген. Ниса сүрөөсүнүн 17-аятында: «Алла – билим ж-а даанышман эсен» деп айтылса, 170-аятында: «Алла – билим ж-а акыйкат эсен» деп жазылган. Ыйык Курандын таасири м-н араб окумуштуусу, астроном Санад Ибн Али 12-к-да эле математ. изилдоолордун негизинде жер күндөн кичине, айдан чоң экендигин аныктаган ж. б. Куранда жазылган көрсөтмөлөрдүн басымдуу болүгү бүгүнкү күндө адамзат жараткан ил. ачылыштар аркылуу аныкталып ж-а такталууда. Ил. ачылыштардын айрымдарынын мурдатан эле Куранда айтылгандыгы далилденүүдө. Ал диний эстелик гана эмес, дүйнөлүк ад-ттын ири эстелиги да болуп эсептелет. Мусулман диний окуусу К-ды башка тилдерге которууга тыюу салган. Ошого карабастан 10-к-дан ал көп элдердин тилине (а. и. кыргыз тилине да) которулган.



Ад.: Куран Карим жана аның маанилеринин кыргызча котормосу. Арабчадан которгон жана түшүндүрмөлөрүн жазган Алауддин Мансур. Б., 2005.

КУРАН-ЖАЙЛОО АЛТЫН КЕНИ Чүй обл-нун Кемин р-нунда, Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталында, Орловка шаарчасынан 25 *км* түштүктө, деңиз деңг. 1950–2200 *м* бийикте. 1961-ж. табылган. 1966–71-ж. чалгындалган. Кен аймагы силурдун гранити, жогорку палеозойдун сиенит-диорити, диорити порфирити жирең өткөн карбондогу флиш-молассту катмардан түзүлгөн. Кенташ тулкулары түрдүү багыттагы жаракаларда гидротермдик өзгөрүүгө учураган тектер м-н байланышып, тарам тибине ж-а алтын-сульфид формациясына кирет. Негизги минералдары: пирит, арсенопирит, сфалерит, галенит ж. б. Кенташтагы алтындын орт. өлчөмү 10,1 *г*/*т*, запасы 8,299 *т*.

КУРБАН-КАРА – Ош обл-нун Кара-Суу р-ндагы кыштак. Сайай айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 800 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кара-Суу ш-нан 6 *км* батыш тарапта. Калкы 2211 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар.

КУРБЕ Жан Дезире Гюстав (10. 6. 1819, Орнан – 31.12. 1877, Швейцария, Ла-Тур-де-Пельз) – француз живописчиси. Орнанда, Безансондо, Парижде окуган. Турмуш чындыгын даана чагылдырган романтикалуу, колоритке каныккан алгачкы эмгектери («Мүштөкчөн автопортрет», 1846–47, Монполье; «Вулгаары курлуу адам», 1849, Лувр) К-ни реалист катары таанытқан. 1848–49-жылдагы рев-я таасири м-н демокр. багыттагы сүрөттөрдү («Таш талкалоочулар», 1849–50, сакталган эмес; «Орнандагы олук көмүү», 1850, сакталган эмес; «Ателье», 1855, экөө тең ОРСЕ музейи ж. б.) тартып француз реалисттик живописинин баштоочусу катары таанылган. Иек-жодогу жалганчылыкка каршы күрөшүп, демократиялуу коомчулуктун колдоосуна ээ болгон. «Вулгулар баш маанеги» (1860, Лувр), «Бретань жээктериндеги деңиз» (Сүрөт иск-во музейи) өндүү эң сонун пейзаждарды жараткан. К.–Париж коммунасынын көрүнүктүү окулу-



Г. Курбе. «Сенанын жээгиндеги кыздар», 1856–57. Пти-Пале музейи. Париж.

Коммуна кулагандан кийин камалып, акчалай айыпка жыгылган. 1873-ж. Швейцарияга качып барып, өмүрүнүн акыркы жылдарын ошол жерде откоргон.

Ад.: *Тихомиров А. Н.* Г. Курбе. М., 1965; *Калитина Н. Н.* Г. Курбе: Очерк жизни и творчества. М., 1981.

КУРБУ (мурунку Монолдор) – Ысык-Кол обл-нун Ак-Суу р-нундагы кыштак. Тепке айыл округуна караштуу. Жыргалан суусунун төмөнкү агымынын оң жээгиндеги түздүктө, дениз денг. 1666 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Теплоключенка (Ак-Суу) кыш-нан 25 *км* түн.-батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 212 *км*. Калкы 1040 (2011); негизинен мал багуу м-н алектенет. Негизги мектеп, китепкана, клуб, медпункт бар.

КУРБУ-ТАШ – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Жалпак-Таш айыл округуна караштуу. Дениз денг. 1820 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 29 *км* түш. тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 19 *км*. Калкы 1989 (2009); негизинен мал чарбасында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб бар.

КУРГАК УЧУК, к. *Туберкулёз.*

КУРГАК-САЙ ГИПС КЕНИ Ысык-Кол обл-нун Түп р-нунда, Түп пристанынан 95 *км* чыгыш тарапта, Тескей Ала-Тоонун түн. капталындагы Чаар-Кудук жайытында, дениз денг. 2250–2700 *м* бийикте. Кенди 1961-ж. Кыргыз ССР геол. башкармасы ачып, үстүнкү катмарында алгачкы геол. чалгындоо иштерин жүргүзгөн. Кен аймагында карбон мезгилинин башкы ярусуна тиешелүү чокмө катмарлар (алевролит, кумдук, акиташ, гипс) түштүккө карай 35–65° жантайып жатат. Пайдалуу катмар – гипс, ал линза сымал кабат түрүндө кездешет. Анын калындыгы 25 *м*, оңү боз, ак, кээде кызгылт, кристалл же була сыяктуу. Гипсти курулушта, цемент даярдоодо, активдүү кошумча материал катары колдонсо болот. 2,7 *км* узундукка, 55 *м* терендикке жеткен кендин C_1 категориясы б-ча эсептелген запасы 5 млн *т*дан ашык. Ачык түрдө казып алса болот.

КУРГАКТАГЫ АСКЕРЛЕР – согуш аракетин көбүнчө кургакта жүргүзүүчү куралдуу күчтүн бир түрү. К. а. ар кандай курбаттагы ядролук дүрмөтү бар ракета, танк, эволюциялуу танкага каршы башкарылма реактивдүү снарядлар, жаңы реактивдүү артиллериялык жана автоматтуу түрдө атылма куралдар м-н жабдылат. К. а-ге душмандын күчүн, ядролук соккудан кийин аман калган аскердик топторун талкалоо жүктөлөт. Согушун жаткан олконун тылына ото тездик м-н чабуул коюп, эллелик маанилүү стратегиялык аймактарды колдоо, чыгарбастан, ага бекем орношууга ж-а оз айтылгына душмандын аскерлерин откозбой, аба ж-а дениз десанттарын жок кылууга тийиш. О. эле согуш убагында пайда болгон ар кандай татаал милдеттерди да чечет. К. а-дин душманды талкалоодогу негизги күчү – оперативдүү-тактикалык милдеттерди аткаруучу ракеталык аскерлер. Душмандын киши күчүн, согуш техникасын кыйратып, стратегиялык ж-а тактикалык маанилүү милдеттерди орундатууда К. а. башка аскер бөлүктөрү м-н бирге аракеттенет. Аскер техникасынын, илимдин ж-а объектилердин онүгүшү м-н К. а-дин операция жүргүзүү ийкемдүүлүгү, ылдамдыгы, сокку уруу, атып талкалоо кубаты күчөп, ракета-ядролук арсеналы, оперативдүү-тактикалык максаттагы бардык курал-жабдыктары жакшыртылууда. Чалгын жүргүзүү ж-а байланыш, автоматташтыруу, аскерлерди башкаруу каражаттары оркүндөтүлүп, жаңы куралдар жасалууда.

КУРГАК-ТӨР МӨҢГҮСҮ – Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталындагы ороон тибиндеги мөңгү. Чункурчак ороонунун төрүндө жайгашкан. Уз. 6,8 *км*, аянты 3,2 *км*². Мөңгүнүн башы 4520 *м*, этеги 3600 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 3870 *м*. Мөңгүнүн бети (20% ке чейин) морена м-н («тили» 1,5 *км*ге чейин) капталган. Кийинки мезгилде тартылып баратканы байкалат. Мөңгүдөн Чункурчактын оң куймасы – Кургак-Төр суусу башталат.

КУРГАКТЫК ГИДРОЛОГИЯСЫ — кургактыктагы сууларды (дарыя, көл, суу сактагыч, саз ж-а мөңгүлөрдү) изилдөөчү илим; гидрологиянын бир тармагы. К. г. оз ичинен *потамология, лимнология, тальматология* тармактарына болүнөт; о. эле гидрометрияны, гидрол. эсептоолорду, гидрол. алдын ала маалыматтоону, нук процесстеринин динамикасын, гидрографияны, гидрохимияны, гидрофизиканы да камтыйт.

КУРГАКЧЫЛ КЛИ́МАТ – бууланүү жыл бою жааган жаан-чачындан кыйла ашып кеткен климат. Ага күндүн ачыктыгы, булуттун пайда

болушуна тоскоолдук кылган конденсация процессинин жогорку деңгээли, абанын темп-расынын суткалык кескин озгөрүүсү мүнөздүү. К. к. шартында физ. талкалануу процесси жүрүп, рельефтин эолдук формасы түзүлөт. Чөл ж-а жарым чөл осүмдүктөрү басымдуу. Чарбачылыгы жасалма сугат м-н жүргүзүлөт. Ад-ттарда «ариддүү аймак» деп да аталат.

КУРГАКЧЫЛЫК – жаан-чачындын жаз, жай мезгилдеринде узак же кыйла убакыт тартып болушу. Мындай учурда абанын темп-расы жогорулап, нымдуулугу төмөндөйт. Топурактын нымы азайып, осүмдүктөрдүн осүмү начарлайт, тіпті тіпті тіпті



Кунашир аралынын ландшафты.

токой мүнөздүү. Жээк сууларында лосось сымалдар, ит балык, суу жолборс, кундуз бар. Балык кармалат. Ири шаарлары: Курильск, Северо-Курильск.

К. а. ж-дөгү алгачкы даректи 1697-ж. орус жер кезүүчүсү В. В. Атласов билдирген. 1855-ж. Россия К. а-нын бир бөлүгүн (Уруп а-нан түштүктү карай) Японияга берүүгө аргасыз болгон. 1875-жылдагы келишим б-ча Япония Сахалинге умтулуусунан расмий баш тартып, ордуна К. а-н бүт алган. Крым конф-ясынын (1945) чечимине ылайык К. а. СССРге өтүп, 1945-ж. август-сентябрь айларында сов. аскерлер аралдарды бүт бошоткон. Сан-Франциско тынчтык келишими б-ча (1951) Япония К. а-на карата талаш-тартышынан толук баш тарткан.

КУРИ́Л-КАМЧА́ТКА КОБУЛУ (20-к-дын 50-ж. чейин Т у с к а р о р о о й д у ң у) Тынч океанда, Курил а-нын суу астындагы чыгыш капталдарынын этектеринде ж-а Камчатка ж. а-нын түш. бөлүгүндө жайгашкан. Уз. 2200 *км*дей. Орт. жазылыгы 59 *км*, тереңдиги 9717 *м*ге чейин.

КУРИ́ТИБА – Бразилиянын түш.-чыгышындагы шаар. Парана штатынын адм. борбору. Калкы 1,9 млн (2009; шаар айланасы м-н 3,5 млн). Эл аралык аэропорту бар. Целлюлоза-кагаз, жыгаччылык, тамак-аш–татымал, текстиль, хим. ө. ж. ишканалары иштейт. Ун-ттер, филология академиясы бар. 1654-ж. негизделген.

КУРКУЛДАК АК КУУ (Cygnus Cygnus) – өрдөк сымалдар тукумунун куулар уруусундагы куш. Дене уз. 150 *см*ге жетет, моюнунун уз. денесиндей же андан узун. Мезгилге жараша жер которуп жүрүүчү куш. Ысык-Көлдө кыштайт. Кээ бир маалыматтарга караганда бул түрдүн Соң-Көлдө 1968-, 1974-, 1975-жылдары уялап, жумуртка тууп, балапан басып чыгарганы байкалган. Бирок көбүнчө Казакстандын түш. аймагындагы көлдө уялайт. Суу астындагы өсүмдүктөр ж-а майда омурткасыз жаныбарлар м-н азыктанат. 1959-жылдан тартып аны кармоого ж-а атууга тыюу салынып, КРдин Кызыл китебине катталган.



КУРЛИ́ЕНКО Анна Акимовна (1910, азыркы Казакстан, Көкчө-Тоо обл., Зерендик р-ну, Ермоловка айылы – ө, ж. б., КР, Чүй обл., Сокулук р-ну, Сарбан айылы) – саанчы, Соц. Эмг. Баатыры (1950). 1944-жылдан Кыргызмал чарба ж-а ветеринария ИИИнин тажрыйба чарбасынын саанчысы болуп иштеген. Мал чарбанын өнүктүрүүдө чоң ийгиликтерге жетишкенинин ордени м-н сыйланган.

КУРМА (Diospyoros) – өрендер тукумундагы өсүмдүк уруусу. Дайыма жашыл же күбүлмө жалбырактуу дарак, бадал. Дүйнөнүн тропик, субтропик алкактарында 500дөй, а. и. КМШ өлкөлөрүндө 3 түрү бар. К а д и м к и К. же Кавказ К-сы (реликт түр) – бийикт. 15*м*дей, жалбырагы жөнөкөй, сүйрү, үстүнкү бети күңүрт, жылма. Гүлү бир жыныстуу, майда. Мөмөсү (диаметри 8–16 *мм*дей) саргыч кызыл, желет. Кургатылган мөмөсүндө 40% кант, 0,5% кислота бар. Бир дарактан 80 *кг*дай түшүм алынат. Кавказда ж-а О. Азияда өсөт. Эгилме түрү да бар. Ч ы г ы ш К-сы эки үйлүү (айрымдары бир үйлүү). Мөмөсүндө 25% кант, 1,5% протеин, 0,85% май, 40 *мг*% С витамини ж-а темир бар. Япония, Кытайдан тараган. Россияда 19-к-дан өстүрүлө баштаган. Абхазия, Грузияда, Өзбекстан, Түркмөнстан, Тажикстанда өстүрүлөт. Ар дарактан 250 *кг*дай түшүм жыйналат. Мөмөсү ичеги-карын (гастрит, колит), аз кандуулук ж. б. ооруларды дарылоодо колдонулат. В и р г и н и я К-сы Түн. Америкада, КМШ өлкөлөрүндө нымдуу ж-а кургак субтропик зоналарда өстүрүлөт. Бийикт. 20–25 *м*дей, эки үйлүү, жалбырагы сүйрү, мөмөсү тоголок (диаметри 20–50 *мм*), салм. 25 *г*, өтө даамдуу. Курамында 40% кант, 0,5% кислота бар. Ар дарактан 300 *кг*дай түшүм жыйналат. Жыгачы буюм, муз. аспап жасоодо пайдаланылат.



КУРМАН АЙТ – мусулмандардын диний майрамы. Орозо айттан 70 күн өткөндөн кийин белгиленет. Куранда К. а-тын майрамдалуу тарыхы төмөнкүдөй баяндалат. Алла дайыма өз пенделерин, пайгамбарларын башка адамдарга караганда көбүрөөк тоскоолдорго дуушар кылып, сынап келет. Жашы улгайып, бала көрбөй жүргөн Ибрахим пайгамбар перзенттүү болуп, ага Ысмайыл деген ат коюп, чын дилинен сүйөт.

Пайгамбар жаш кезинен эле Алла Таала үчүн эч нерсесин аябай, жанын да курмандыкка чалууга даяр экендигин билдирип, күбүрөнүп калчу экен. Алла Таала аны сыноо иретинде: «Ибрахим мени көбүрөөк сүйөбү же баласынбы» деп, ага өз баласы Ысмайылды курмандыкка чалууга буйрук кылган. Ал кез-кезде жалгыз баласы Ысмайылды бычак м-н мууздап жаткан түштөрдү көрө баштайт. Ибрахим түшүнөн чочуп, кармен убайым жейт. Улуу жараткандан эч нерседи аябайм дечү элем. Эми ал менден жалгыз баламдын өмүрүн сурап жатат, Алла Таала айтканын аткаруум керек деген бүтүм м-н аялы түшүн баласына айтат. Жакшылык-жамандылыкты түшүнүп, чоңоюп калган Ысмайыл Алла Таалага ант бергенден кийин, анын буйрук сөзсүз түрдө аткарыңыз, мен сиз үчүн бардык азап-тозокко даярмын деп жооп берет. Ибрахим баласы Ысмайылды курмандыкка чаларда асмандагы периштелер кайгырышып, Алладан ата-бала үчүн ырайым сурашат. Бычакты кекиртекке такап тартарда, ал өтпөй калат. Жини келген Ибрахим пайгамбар ызасына чыдабай, жанындагы чоң кара ташты бычак м-н чаап калат, бычактын курчтугунан таш экиге бөлүнүп кетет. Алла Таала Ибрахим пайгамбарды чын ниети м-н өзүнүн жалгыз баласын курмандыкка чалууга ниет кылгандыгын кабыл кылып, Ысмайылдын ордуна курмандыкка чалууга асмандан көк кочкор түшүрөт. Мына ошондон тартып Алла Таала тарабынан жасалган зор ырайым м-н күнөөсүз адамдарды курмандыкка чалуу токтолгон күн катары К. а. майрамдалат. К. а. тирүүлөрдүн айты болуп эсептелет ж-а бул күнү Кудайга арналып курмандык чалынат. Мусулмандар мечитке барып, намазга жыгылышат, кудайга сыйынышып, «күнөөлөрүнөн арылууну» сурашат. Битир, зекет ж. б. беришет. Кыргыздарга К. а-тын биринчи күнүндө улуттук оюндар (ат чабыш, кыз куумай) уюштурулуп, элдик майрам болгон.

А. С. Ормушев, С. Доолов.

КУРМАНАЛИЕВ Карыбек Төлөгөнович (17. 1. 1923, азыркы Чүй обл., Москва р-ну, Чоң-Арык кыш. – 1984, Фрунзе) – милициянын генерал-майору (1965). Кырг-н КП БКга караштуу респ. парт. мектепти (1949), КПСС БКга караштуу Жогорку парт. мектепти (1956) бүткөн. 1942-ж. Сов. Армияга чакырылып, Улуу Ата Мекендик согушка (1941–45) катышкан. 1946–50-ж. ж-а 1952–56-ж. Кырг-н КП(б) БКнын парт. органдар бөлүмүнүн инструктору, 1951–52-ж. партиянын Жалал-Абад шааркомунун 2-секретары, 1956–61-ж. партиянын Кара-Балта райкомунун 2-, 1-секретары, 1961–72-ж. Кыргыз ССР ички иштер министринин орун басары-кадрлар бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген. Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган. Чоң-Арык айлындагы бир көчөгө ысмы ыйгарылган.



КУРМАНАЛИЕВ Сабырбек Ушпаевич (18. 2. 1954-ж. т., азыркы Чүй обл., Ысык-Ата р-ну, Дмитриевка кыш.) – милициянын генерал-майору (2009). ФПИни (1978), КМУну (1992) бүткөн. 1980–84-ж. Сокулук р-ндук ички иштер бөлүмүндө инспектор, 1984–93-ж. Кара-Балта шаардык ички иштер бөлүмүндө инспектор, оперуполномочен, бөлүмдүн начальниги, 1993–95-ж. Ысык-Ата р-ндук ички иштер бөлүмүндө начальниктин орун басары, 1995–98-ж. КР ИИМдин Жалал-Абад обл. бөлүмүнүн начальниги, 1998–99-ж. КР ИИМдин Жалал-Абад ж-а Ош обл. б-ча регион аралык башкармалыгында бөлүмдүн начальнигинин орун басары, начальниги, 1999–2004-ж. Сокулук р-ндук ички иштер бөлүмүнүн, 2004–05-ж. КР ИИМде башкармалыктын, 2005–08-ж. Нарын, 2008-ж. Чүй обл. ички иштер башкармалыктарынын начальниги, 2008–10-ж. КР Ички иштер министринин 1-орун басары болуп иштеген.



КУРМАНБАЕВ Эмилбек [1908, азыркы Жалал-Абад обл., Токтогул р-ну, Торкен айылы – 1984, ошол эле жер] – малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1948). СССРдин соц. а. ч-нын отличниги. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Ош (азыркы Жалал-Абад) обл-нун Токтогул р-нундагы «Маданият», «Торкен» колхоздорунда жылкычы болуп иштеген. 1947-ж. 56 бээден 56 кулун алып, аман асыраган. Ленин ордени м-н сыйланган.



«КУРМАНБЕК» – кыргыздын баатырдык дастандарынын бири. Негизги темасы – ата журтту коргоо, башкы идеясы – уруу, эл биримдигин сактоо. Дастандагы окуялар жуңгар дооруна туура келет. 14-к-дын аягында Батыш Монголияда пайда болгон Жуңгар мамлекети О. Азиянын бир топ жерин басып алып, катуу сурак жүргүзгөн. 16–18-к-да кыргыз эли ойрот-жунгар баскынчыларына каршы күрөшүп, аларды сүрүп чыгып, эл-жерди эзүүдөн бошоткон. Дастандын өзөгүн ошол окуялар түзгөн деп болжолдоого болот. «К.» дастанын адеп изилдегендердин бири Г. Самарин «К-тин» кыргыз уруула-

рынын ойрот-жуңгар (калмак) хандарына каршы күрөшкөн доорунда (16–18-к-да) түзүлгөнүн белгилесе, каракалпак ад-тчысы К. Максетов анын 16-к-дан мурда, б. а. каракалпак эли ногойлордун союзунда бирге турган мезгилде пайда болгонун көрсөтөт. Дастан кыргызда оозеки түрүндө урпактан урпакка калып, толукталып, өзгөрүүлөргө учурап бизге жеткен. Анын 4 варианты бар: биринчисин 1923-ж. К. Мифтаков М. Мусулманкуловдон жазып алган; экинчисин 1933-ж. *Калык* Акыев жазып калтырган; үчүнчүсү 1958-ж. Т. Каландаровдон, төртүнчүсү 1970-ж. С. Дыйканбаевден жазып алынган. Булардын ичинен көркөм деңгээли жогорусу – Калыктын варианты. «К.» дастанынын башкы каарманы – Курманбек. Чыныгы патриот баатыр, эл коргоочу. Эрезеге жеткенде эле эл камын ойлоп, он эки жашында эчен чоң балбандарды жыгат. Он алтыга толгондо 40 жигит курап, калмактардан өч алыш үчүн жөнөйт. Курманбек баатырдын кулк-мүнөзү, анын Канышайга үйлөнүшүнөн айкын көрүнөт. Канышай – баатырдын чыныгы жолдошу, ишенимдүү жубайы. «К.» дастанындагы маанилүү кейипкерлердин бири – Аккан. Баатыр аталып даңкы чыкпаса да, ал – эл багып, эл биримдигин сактап келген адам, адамкерчиликтүү жолдош, ишенимдүү дос. Кара санатайлык м-н кара өзгөйлүк дастанда Курманбектин атасы Тейитбек хандын образында берилет. Уулунун калмактарга жасаган чабуулуна каршы турат, кысталыш учурда Телтору атын бербей, кастык кылат. Кара өзгөй Тейитбек акыры өз жазасын алат. «К.» дастанынын композициясы (К. Акыевдики б-ча) өтө жыйнактуу, чебер түзүлгөн. Окуянын орчундуу жерлеринде көркөм баяндоолор (прозалык кыстырмалар) ж-а каармандын кыймыл-аракетине, сезим-санааларына байланыштуу *монолог, диалог* колдонулган. «К.» дастанынын негизинде А. Токомбаев аңгеме жазып (1924), «Чолпон» журналына жарыялаган. К. Жантөшев «К.» пьесасын жазган (1942). «К.» дастаны каракалпак калкында да бар.

Ад.: «Курманбек» эпосунун варианттары. Ф., 1961; Кыргыз адабиятынын тарыхы. 2-том. Б., 2004.

КУРМАНБЕКОВ Жумабек (1929, азыркы Нарын обл., Ат-Башы р-ну, Ой-Терскен айылы – 1991, ошол эле жер) – малчы, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1948–71-ж. Нарын обл-нун Ат-Башы р-нундагы «Ача-Кайыңды» совхозунун баш чабаны. 1961–65-ж. ар бир ириктен 4,8–5,2 *кг* жүн кыркып алган. 1972–82-ж. чарбада ферма зоотехниги, 1983-жылдан топоз фермасынын бригадири. 1967–75-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Ленин, Октябрь Революциясы ордендери м-н сыйланган.



КУРМАНБЕКОВ Оболбек (26. 10. 1948-ж. т., Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Барскон айылы) – экономист, экономика илимд. доктору (2006), КРдин билим берүүсүнүн отличниги (1987). «Евразия» эл аралык экон. академиянын мүчөсү. Финансы, бухг. эсеп, экон. талдоо ж-а аудит маселелери б-ча алас. КМУну (1970), ММУнун аспирантурасын (1978), Бишкек экон. ун-тинин докторантурасын (1994) бүткөн. КМУда окутуучу, кафедра башчысы (1970–94), «Дастан» тех. ун-тинде декан (199[illegible]07), Бишкек экон. ун-тинде проректор (1997–[illegible]2), кафедра башчысы (2004–08), 2009-жылдан [illegible]ГУда проф. 125тен ашык ил. эмгеги, а. и. 5 монографиясы бар.

Эмг.: Трансформация финансовой отчётности в условиях перехода к рынку. Б., 2002; Учёт доходов и расходов: теория и практика. Б., 2005; Развития систем бухгалтерского учёта. Б., 2005.

КУРМАНБЕКОВА Гүлбүбү Токтосуновна (13. 3. 1959-ж. т., Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Ак-Дөбө айылы) – биология илимд. доктору (1998), проф. (2001). КРдин билим берүүсүнүн отличниги (2005). Москвадагы И. Н. Сеченов атн. Медицина ин-тун бүтүргөн (1982). КММИде (азыр КММА) ассистент, доцент (1982–2001). И. Арабаев атн. КМУнун Экология ж-а жаратылышты пайдалануу ин-тунда кафедра башчысы, декан, директордун орун басары (2001–07). 2007-жылдан Кыргыз-Түрк Манас ун-тинде биология бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенет. 80ден ашык ил. эмгектин автору, а. и. 1 монография, 5 окуу-методикалык куралы бар.

Эмг.: Влияние пектидных биорегуляторов выделенных из эритроцитов и селезенки на гемостаз при лучевой болезни в условиях высокогорья. Б., 1998.

КУРМАНГАЗЫ Азыкбаев [23. 2. 1962-ж. т., Нарын обл., Ак-Талаа р-ну, Дөрбөлжүн (азыркы Баетов) айылы] – флейтачы, чоорчу, КРдин эл артисти (2006). 1986-ж. Кыргыз мамл. М. Күрөңкөев атн. муз. окуу жайынын флейта (1992), Б. Бейшеналиева атн. КМИИнин флейта, композиторлук, дирижёрлук класстарын бүтүргөн. Окуу м-н бирге «Семетей», «Наристе», «Ариет» аваздык-аспаптык топторунда, К. Орозов атн. эл аспаптар, А. Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрынын оркестрлеринде иштеген. 1991-ж. «Энесай» тобун уюштурган. Ансамблдин өзгөчөлүгү – кыргыздын элдик, о. эле улуттук композиторлорунун чыгармаларын заманбап эстраданын стилинде, көркөм боёктордо, көлөмүстүүлүктө бергендигинде. К.– флейтадан б[illegible]а кыргыздын *чоор, чопо чоор, сыбызгы, д[illegible]ас*, ооз комуз, *комуз* ж. б. 22 муз. аспабында [illegible]нойт. Алар үчүн элдик обон-күүлөрдү, обонч[illegible]дын, композиторлордун чыгармаларын иште[illegible]гат, аваздык, аспаптык чыгармаларды жаза[illegible]несай» тобу Бүткүл дүйнөлүк «ЭКСПО-93» к[illegible]змөсүнө, 1994-ж. Берлиндеги Борб. Азиянын [illegible] фестивалына катышкан. Түркия, Малайзия, Индия, Италия, АКШ, Япония, Индонезия ж. б. чет өлкөлөрдө гастролдо болгон. 2003-жылдан Аламүдүн р-ндук акимиатынын алдында уюшулган «Арка сыры» аттуу жаштардын фольклордук-эстрада тобун жетектейт.



Курмангазы чоордо ойноодо.

КУРМАНГАЗЫ Сагырбай уулу (1823, Жаңакала аймагы, Жидели конушу, азыр Батыш Казакстан обл., – 1889, Россия, Астрахань обл., «Шайтан батага» конушу; сөөгү Астрахань облнун Володар р-нундагы Алтын-Жар айылына коюлган) – казактын күүчү-композитору, домбрачысы. Алгачкы устаты Узак күүчү болгон, кийин атактуу домбрачылар Байжума, Баламайсан, Есжан, Шеркештен таалим алып, өнөрүн өркүндөткөн. К-нын бүткүл өмүрү ж-а чыг-лыгы казак жерин даңктоого ж-а адилетсиздик м-н зордук-зомбулукка каршы күрөшкө арналган. К. 70тен ашык күүнүн автору: «Акбай», «Аксак кийик», «Көбүк чачкан», «Түрмөдөн качкан», «Адай», «Сары Арка», «Кызыл кайың», «Балбыраун», «Кайран энем», «Балкаймак», «Терс какмай» ж. б. Кийин күүлөрүнүн көбү жыйналып, нотага жазылган ж-а казак эл аспаптар ж-а симф. оркестрлер үчүн иштелип чыккан. Казактын айрым композиторлору К-нын чыгармаларын өздөрүнүн опера, хор, симфония, камералык музыкасына пайдаланган (мис., А. Жубановдун «Курмангазы» операсы, Е. Брусиловскийдин «Курмангазы» симфониясы). Казак эл аспаптар оркестри ж-а Алматы мамл. консерваториясы К-нын ысмында.



Ад.: Курмангазы и традиционная музыка на рубеже тысячелетий. Алматы, 1998.

КУРМАНЖАН ДАТКА Маматбай кызы (1811, Алай – 1. 2. 1907, Ош ш-на жакын Мады кыш.) – кыргыз аялдарынан чыккан коомдук ишмер. *Алымбек датканын* аялы. Алайдагы кыргыздардын башкаруучусу, Алай «канышасы» деген ат м-н белгилүү. Атасы Маматбай муңгуш уруусунун жапалак урусунан. 17 жашка чыкканда атасы кудалашып койгон 500 түтүндүү жоош уруусунун Төрөкул деген бийинин Кулсейит аттуу уулуна турмушка чыккан. Бирок күйөөсү көңүлүнө толбой, үч жыл жашап, чанып кеткен. 1832-ж. баргы уруусунун бийи Алымбек м-н таанышып, ага баш кошкондон кийин анын таасирдүү кеңешчисине айланып, коомдук иштерге аралаша баштаган. К. д. Алымбек м-н 29 жыл жашап, 5 балалуу болгон. *Кокон хандыгындагы* так талашууга байланыштуу чыр-чатактын биринде Алымбек датка өлтүрүлгөн. Ушул себептен Бухаранын эмири Сейит Музаффар-эддин аскери м-н Ошко келип, алайлык кыргыздарды өз жагына тартуу үчүн *датка* наамын Алымбектин улуу уулу (Курманжандын өгөй баласы) Жаркымбайга сунуш кылган. Бирок Осмон, Өмүрбек, Акимбай ж. б. белгилүү бийлердин кеңеши б-ча Жаркымбай ал наамдан баш тартат. Натыйжада эмир аны Ош ш-на аким кылып, Курманжанга датка наамын ыйгарган. Алай өрөөнүндө К. д-нын таасири күчтүү экенин жакшы билген Кокон хандары дагы бул жердеги кыргыздарды колдон чыгарбоо үчүн аны м-н мамиле түзүүгө аргасыз болушкан. 1864-ж. *М. Г. Черняевдин* отрядына каршы салгылашууда Жаркымбай өлүп, ордуна *Абдылдабек* Ошко аким болуп дайындалат. *Кудаяр* хан 3-жолу такка отурганда (1865) К. д. урмат м-н анын шаан-шөкөтүнө чакырылган. Бирок 1870-жылдардан кийин Кудаяр хандын саясатына нааразы болуп, ага каршы көтөрүлгөн Шер датка, *Мамыр* Мерген уулу, Абдымомун



Курманжан датка небереси м-н. Г. Маннергеймдин сүрөтү. 1906-ж.

ж. б-ды колдогон. К. д-нын таасири м-н Абдылдабек Искактын көтөрүлүшүндө белгилүү роль ойногон. Кокон хандыгы жоюлганда, орустарга багынгысы келбеген К. д. Кашкардагы Кок-Сууга көчүп кеткен. Анын жайнаган малына кызыккан кашкарлыктар ал жерде да тынчтык берген эмес. Ошондуктан 1876-ж. уулу Камчыбек м-н кайра Алайга келген. Ошол эле жылдын апрель айында Түркстан генерал-губернаторунун буйругу б-ча 3 күндүн ичинде алайлык



Г. Маннергейм ж-а чыгыш таануучу П. Пельо (P. Pelliot) Курманжан датканын боз үйүндө. Солдон онго: П. Пельо, Курманжан датка, небереси, Г. Маннергейм. 1906.

кыргыздарды күч м-н болсо дагы багындырып, салык жыйнап келүү үчүн М. Д. Скобелевдин отряды Гүлчөгө келген. Ош уездинин биринчи начальниги, генерал М. Е. Ионовдун аракети м-н К. д. уулу Камчыбек ж-а небереси Мырзапаязды жанына кошуп алып, М. Д. Скобелевге жолуккан. Орус аскер курал-жарагынын артыкчылыгын жакшы түшүнүп, аргасыз алардын бийлигине багынууга ж-а алайлык кыргыздарды орус букаралыгына киргизүү үчүн көмөктөшүүгө макул болгон. М. Д. Скобелев аны урмат м-н кабыл алып, белекке алтын чөйчөк берип, парча чепкен жапкан. Үч уулу – Мамытбек, Асанбек, Батырбек да анын сөзүн угуп, Ошко келишкен ж-а болуш башчылыгына дайындалышкан. Орустун бажы кызматчыларын өлтүргөн деген айып м-н уулдары – Мамытбек, Асанбек, Батырбек Сибирге айдалып, Камчыбеги дарга асылгандан кийин (1895) орус бийлигинен алыстап, Алайдагы айылына кеткен. Аны м-н бетме-бет сүйлөшкөн орус чиновниктери К. д-нын абдан акылдуугун ж-а терең дипл. талантын баса белгилеп, аны «Алай каныша-сы» деп аташкан. Алардын көрсөтмөсү б-ча «Алымбектин жесирининн кадыр-баркы үйбүлөсүндө эле эмес, Ош ж-а Маргалаң уезддерине караштуу жалпы көчмөндөр ичинде да өтө жогору болгон». Императордун 1901-ж. 13-декабрдагы буйругу б-ча К. д. асыл таш чөгөрүлгөн алтын саат м-н сыйланган. Бишкек ш-на (2004), Жапалак айылына ж-а Ош ш-на (2011) эстелиги тургузулуп, ысмы көчөлөргө, айылындагы мектепке ыйгарылган. Курманжан датка фонду уюшулуп (1995), акчага элеси түшүрүлгөн. КР президенти Р. Отунбаеванын чечими м-н 2011-ж. «Курманжан датка» жылы деп жарыяланып, 200 жылдыгы белгиленген, «Курманжан датка» аттуу даректүү фильм (реж. З. Эралиев) тартылып, «Курманжан датка» ати. мамл. сыйлык – орден уюштурулган. К. д-га арналган драмалык чыгармалар («Канышанын көз жашы», С. Раев; «Курманжан датка», К. Сактанов, Т. Касымбеков) жазылган ж-а «Датка эне» деген китеп чыгарылган. Гүлчө айылында музейи бар.

Ад.: *Алексеев А.* Курманджан датха (Краткая биографическая заметка)//Туркестанский сборник. Т. 422; *Ювачёв И.* Курбан-Джан-датха, кара-киргизская царица Алая//Туркестанский сборник. Т. 471; *Тагеев Б. Л.* Царица Алая/[illegible]а. 1898; *Газиев А.* Курманджан датка – некоронованная царица Алая. Б., 1991; *Жусуев С.* Курманджан датка. Б., 1994; *Плоских В. Н., Жолдошева Ж., Какеев А. Ч., Мамытов С.* Курманджан датка – царица Алая. Б., 2002; *Өмүрзакова Т.* Курманжан датка: доор, инсан, ишмердүүлүк. Б., 2002; *Хасанов А.* Избранные труды. Очерки по истории Киргизии. Б.; М., 2004; *Бектуганова К.* Кыргызстандын Асыл кыздары. Б., 2006.

КУРМАНОВ Зайнидин Карпекович (3. 6. 1955-ж. т., Фрунзе) – тарых илимд. доктору (1997), проф. (2000). КРдин билим берүүгө эмг. сиң. кызматкери (2000). Мамл. кызматтын 2-класстагы



мамл. кеңешчиси (2002). Ленинград мамл. ун-тин (1978), КУУну (1996), Германиядагы Ж. Маршалл атн. Борб. аскер коллежин (2001) бүтүргөн. 1978–92-ж. Кыргыз ССР мамл. архивинде ил. кызматкер, болүм башчы, Кырг-н ИАнын Тарых ин-тунда кенже ил. кызматкер, КММИде окутуучу, милициянын жогорку мектебинде улук окутуучу, 1992–94-ж. КМПУнун (И. Арабаев атн.) ректору, 1996–97-ж. «Кыргыз инвест-финансы корпорациясы» департаментинин директору, 1997–2000-ж. КРСУда окутуучу, 2005–07-ж. ПРООНдун консультанты, КМУда проф., 2010-жылдын сентябрынан КРСУда проф., кафедра башчысы, Парламентаризм ж-а демократия ин-ту коомдук фондусунун директору. КРдин Жогорку Кеңешинин депутаты (2000–05; 2007–10), 2009-жылдын 24-декабрынан 2010-жылдын 7-апрелине чейин төрагасы. Кырг-н тарыхына ж-а укук маселелерине арналган 180ден ашык ил. эмгектин (а. и. 12 монография ж-а окуу китептер) автору. «Данк» медалы м-н сыйланган.

КУРМАНОВ Карпек Шамсединович (30. 6. 1928-ж. т., азыркы Нарын обл., Жумгал р-ну, Кызыл-Туу айылы) – укук таануучу, юридика илимд. доктору (1992), проф. (1995). КРдин илимге эмг. сиң. ишмери (2003). 1949-ж. И. Калинин атн. Ленинград юрид. ин-тун бүткөн соң, Кыргыз ССР прокуратура, адвокатурасы ж-а Юстиция министрлигинин кылмыш-сот болүмүндө начальник, прокурор, 1967–72-ж. КМУда окумуштуу секретарь, окутуучу, улук окутуучу, 1972–80-ж. Караганды мамл. ун-тинде кафедра башчысы, 1980–81-ж. КМУда доцент, 1981–94-ж. Кыргыз ССР ИАнын Философия ж-а укук ин-тунда ил. кызматкер, криминология ж-а кылмыш укугу бөлүмүнүн башчысы, 1993–[illegible]-ж. КМУда кайра даярдоо ж-а кадрлардын квалификациясын жогорулатуу ин-тунун [illegible] ж-а кафедра башчысы, ошол эле мезгилде И. Арабаев атн. КМПУда кафедра башчысы, [illegible]2–05-ж. Махмуд Кашгари Барскани атн. [illegible]ш ун-тинде кафедра башчысы, 2003–08-ж. [illegible]ЮАда кафедра башчысы, 2008-жылдан ошол эле окуу жайында ректордун кеңешчиси, кафедра башчысы. 100дөн ашык ил. эмгектин (а. и. 3 монография, 7 окуу китеби) автору. 3-даражадагы Манас ордени м-н сыйланган.

Эмг.: Наркомания: Уголовно-правовые и криминологические проблемы. Ф., 1989; Уголовное право КР (часть особенная). Учебник для вузов. Б., 2000.

КУРМАНОВ Карыпбай (1907, азыркы Чүй обл., Ысык-Ата р-ну, Кызыл-Арык айылы – 1995, ошол эле жер) – а. ч. өндүрүшүнүн ишмери, Соц. Эмг. Баатыры (1966). 1943–71-ж. Ысык-Ата р-нундагы «Сын-Таш» колхозунун башкармасы болуп эмгектенген. Ал башкарган колхоздо 1959–65-ж. уйдун саны 446дан 591ге, кой 16 миңден 23 миңге чейин көбөйгөн. 1965-ж. ар уйдан 2500 *кг* сүт саалып, ар койдон 3,4 *кг*дан жүн кыркылып алынган. Кант кызылчасынын дүң жыйымы 2 эсе өскөн. Кыргыз ССР



Жогорку Советинин (1955–59, 1963–67, 1971–75) депутаты. Ленин, Эмгек Кызыл Туу, эки «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

КУРМАНОВ Таалай (22. 5. 1949-ж. т., Чүй обл., Чүй р-ну, Талды-Булак айылы) – сүрөтчү, КРдин эл сүрөтчүсү (2003), КРдин мад-тына эмг. сиң. ишмер (1991), Кыргыз мад-тынын мыкты кызматкери (2005), 1983-жылдан СССР ж-а Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү. Фрунзедеги көркөм сүрөт окуу жайын (1968), Ленинграддагы В. И. Мухина атн. жогорку көркөм ө. ж. окуу жайын бүтүргөн (1976). 1971-жылдан респ., Бүткүл союздук ж-а эл аралык көргөзмөлөрдүн катышуучусу. 1976–93-ж. КР сүрөтчүлөр союзунун Көркөм сүрөт фондунда эмгектенген. 1988–89-ж. Кыргыз мамл. басма китинде башкы сүрөтчү, 1998-





Курманов Т. Арноо – 1 (Саякбай Каралаевге), 2001.

жылдан КР Сүрөтчүлөр союзунун башкармасынын төрагасы. К-дун чыг-лыгы живопись, станоктук графика, плакат, дизайн тармактарында бирдей өнүккөндүгү м-н өзгөчөлөнөт. К. китеп графикасында да жемиштүү эмгектенип, Р. Киплинг, Д. Дефо, Н. Гоголь, К. Жантошев, А. Тыныбеков, Ч. Айтматовдун чыгармаларын ж-а «Эр Төштүк», «Жаңыл Мырза», «Кожожаш» кенже эпосторун, С. Каралаевдин варианты б-ча «Манас» үчилтигинин 5 томдугун көркөмдөгөн. К. Бишкектин борб. аянтындагы жасалга эскиздеринин, календарлардын, «Манас» аэропортунун росписинин автору. Анын эмгектери жерг. ж-а чет өлкөлүк (Казакстан, Россия, Германия, Франция, Италия, АКШ, Англия ж. б.) музейлерде сакталуу. К. Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчиктин алтын медалы, 3 жолу «Алтын мукаба» гран-приси м-н сыйланган.

КУРМАНХОЖАЕВА Роза (30. 6. 1953, Ысык-Көл обл., Тон р-ну, Бөкөнбаев айылы – 15. 2. 2008, Бишкек) – педагогика илимд. доктору (2002), проф. (2003). В. В. Маяковский атн. Кыз-келиндер пед. ин-тунун чет тилдер ф-тин бүтүргөн (1975). Фрунзе ш-ндагы №5 орто мектебинин мугалими (1976), Чолпон-Ата ш-ндагы туберкулёзго каршы балдардын саламаттыгын сактоо санаторийинде англис тили мугалими (1977), Кыз-келиндер пед. ин-тунун (азыркы И. Арабаев атн. КМПУ) педагогика ж-а психология кафедрасынын окутуучусу (1978–96), доценти (1996–2000), КМУнун жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын доценти (2001–04), кафедра башчысы (2005–08) болуп эмгектенген. 60тан ашык ил. эмгектин автору. Медалдар м-н сыйланган.

КУРНЯ́ВКА Андрей Петрович (4. 5. 1969-ж. т., Фрунзе) – бокс б-ча Кыргыз ССРинин (1986) ж-а СССРдин (1990) эмг. сиң. спорт чебери. Дүйнөнүн (1990), Европанын (1989) ж-а СССРдин чемпиону. Олимпиялык оюндардын катышуучусу (1996, Атланта) ж-а «Игры доброй воли» эл аралык спорт мелдешинин (1990) жеңүүчүсү. О. эле дүйнөлүк чемпионаттын күмүш медалынын ээси. Ал



Ф. Сабон, бир тууган Кличколор, С. Отке, Эспиноза сыяктуу дүйнөгө таанымал боксчулар м-н беттешкен. Кырг-нда панкратион (эрежесиз таймаш) спорту б-ча мелдештерди уюштуруучулардын бири.

КУ́РОВ Василий Иванович (16. 11. 1915, Саратов обл., Новоузенск ш. – 17. 11. 1994, ошол эле жер) – Даңк орденинин толук кавалери. Армияга 1941-ж. октябрда Өзгөн ш-нан чакырылган. Улуу Ата Мекендик согушта 3-Украин, 1-Беларус фронтторунда зениттик пулемётчулар бөлүмчөсүнүн командири. Украинаны, Польшаны душмандан бошотууга, Берлин салгылашына катышкан. 1944-ж. 21-июлда дивизиянын алга жылышына тоскоол болгон душмандын бомбардировщигин атып түшүрүп, 3-даражадагы Даңк ордени м-н сыйланган (21. 8. 1944). Кицербург ш-н бошотууда 6 фашистти туткундап, душмандын чалгындоочу самолётун жок кылганы үчүн 2-даражадагы Даңк орденин (17. 3.1945), Берлинди алууда 11 фашистти туткундаганы үчүн 1-даражадагы Даңк орденин алган (15. 5. 1945). Кызыл Жылдыз ордени м-н сыйланган.



КУРОРТОЛО́ГИЯ (*курорттор* ж-а *...логия*) – медицинанын табигый дарылык факторлорду, алардын адамга тийгизген таасирин, дарылоо, алдын алуу жолдорун изилдөө, о. эле санаторий ж-а курорттордун соц.-гигиеналык шартын иштеп чыгуучу тармагы. Ага бальнеология, бальнеотерапия, баткак м-н дарылоо, климатология, климат м-н дарылоо ж. б. кирет. К. физиотерапия, физиология, гигиена ж. б. м-н тыгыз байланыштуу. К. маселесин Кырг-н К. ж-а калыбына келтирүү ИИИ изилдейт. Анын максаты курорт ресурстарын табуу, курорттук факторлордун касиетин, таасирин изилдөө, дарылоо ыкмаларын ж. б. маселелерди иштеп чыгуу. К. б-ча изилдөөлөрдүн натыйжасында курорттордун гидроминерал ресурстары кеңейип, минералдуу суу ж-а дары баткак кендери табылып, жаңы курорттор ачылып, комплекстүү дарылоо ыкмалары киргизилет.

КУРОРТТОР (нем. kurort – дарылоочу жер) – адамдын организмине жагымдуу таасир этүүчү табигый дарылоо факторлору (минералдуу суу, дары баткак, климат өзгөчөлүктөрү) бар жерлер. Дарылоо факторлоруна карата бальнеол., климаттык ж-а дары баткактуу болуп бөлүнөт. Бальнеол. К-до негизги дарылоо факторлору – минералдуу суу. Минералдуу суу ваннага, бассейнге түшүү ж-а ичүү, ингаляция ж. б. процедуралар үчүн пайдаланылат. Андай К-го Кисловодск, Боржоми, Железноводск, Трускавец,



Жалал-Абад курорту.



Жети-Өгүз курорту.



Трускавец курорту. Украина.

Кырг-нда Жалал-Абад, Жети-Өгүз, Ысык-Ата ж. б. кирет. Баткактуу К-до негизинен дарылоо фактору болуп дарылык касиети бар баткак колдонулат. Баткакты негизинен денеге жаап же ванна түрүндө пайдаланат. Көгүлтүр Ысык-Көл, Жыргалаң, Жалал-Абад ж. б. К-до башка факторлор м-н катар баткак м-н да дарылайт. Климаттык К. деңиз климаттуу, тоо климаттуу, о. эле токой, талаа, токойлуу талаа ж. б. климаттуу болуп айырмаланат. Климаттык К-до негизинен аба ж-а күн ванналары, о. эле сууга түшүү колдонулат. Анда климат м-н да-



Ажмак[illegible]орту. Түркия.

рылоо [illegible]ж-а ден соолукту чындоо процедуралар[illegible]ын [illegible]гүзүү үчүн атайын курулуштар (павильо[illegible]р, верандалар, галереялар, аэрарий, солярий), күн нурун өлчөм м-н пайдалануу үчүн дарылоо пляждары, сейилдөө үчүн маршруттар белгиленет. Жаратылыштын бир гана дарылык факторун колдонгон К. аз. Көпчүлүгү анын бир нече дарылык факторлорун колдонот. Мис., бальнеол.-баткактуу К-до минералдуу суу, дарылык касиети бар баткак, бальнеол.-климаттык К-до минералдуу суу же климат м-н дарылайт. Бул негизги курорттук дарылоодон тышкары дарылоо комплексине физиотерапия, *дарылоочу дене тарбиясы*, диета (мүнөз тамак), кээде дары-дармек кошулат.

КУРОСА́ВА Акира (23. 3. 1910, Токио – 6. 9. 1998, Токио, Сетагая) – япон кинорежиссёру. 1928–35-ж. Токиодогу Иск-во академиясынан окуган. 1936-жылдан сценарист, режиссёрдун ассистенти, 1943-жылдан режиссёр. «Сугата Сансиро» деген туңгуч фильмине (1943) сценарий жазган. Аны дүйнөгө тааныткан «Расёмон» фильми (1950; Венеция кинофестивалында баш байгеге арзыган, 1951). Башка көрүнүктүү фильмдери: «Кейбир» (1951, Ф. М. Достоевскийдики б-ча), «Жашоо» (1952), «Жети самурай» (1954, Венеция, Күмүш байге), «Арамзалардын сепили» (1957, У. Шекспирдин «Макбети» б-ча), «Түпкүрдө» (1957, М. Горькийдики б-ча), «Жасоол» (1961), «Кызыл сакал» (1965), «Трамвай дөңгөлөгүнүн ыргагы менен» (1970), «Дерсу Узала» (1975; Москвадагы ЭКФтин баш байгеси, 1975; АКШнын «Оскар» сыйл.; 1976). Бул фильмде С. *Чокморов* да тартылган. К. гуманизм идеаларына каныккан терең психол. фильмдери м-н социалдык теңсиздикке, согушка каршы чыккан. Ал кино иск-восунун көркөм каражаттарын чеберчилик м-н пайдаланган ж-а дүйнөлүк кинонун өнүгүшүнө маанилүү салым кошкон. «Согуштун көлөкөсү» (1980, Канн ЭКФтин башкы сыйл.) ж-а «Ран» («Дүрбөлөң», У. Шекспирдин «Король Лир» трагедиясынын мотиви б-ча, 1985) ж. б. фильмдерде К. баатырдыкты ж-а көпчүлүктүн композициясын чеберчиликте айкалыштырган. Москвада (1979), Венецияда (1982) ЭКФтин юбилейлик сыйл., кино иск-вого кошкон салымы үчүн «Оскар» сыйл. (1990) алган.

Ад.: Акира Куросава. М., 1977.



«Дерсу Узала» фильминен кадр. Режиссёр Акира Куросава. 1975.

КУРОСИ́О, К у р о-С и в о, Я п о н а г ы м ы (япончо куро – кара, сио – агым) – Тынч океандагы жылуу агым, Япониянын түш. ж-а чыгыш жээктеринде. Түн. Пассат агымынын уландысы. Түш. бөлүгүндө жазылыгы 170 *км*дей, тереңдиги 700 *м*ге чейин. Агымдын бетиндеги темп-расы 12°Сден 28°Сге чейин. Ылдамдыгы 25–80 *см/сек*. Суусунун чыгымы Япониянын жээгине жакын 40–50 млн $м^3/сек$, түштүгүндө 20–30 млн $м^3/сек$га чейин азаят. Тынч океандын түн. бөлүгүндө жылуу агымдар тарамын пайда кылат. 36° түн. кеңдикте ж-а 150° чыгыш узундукта Түн. Тынч океан агымына өтөт. Анын чыгыш уландысы – Аляска жылуу агымы. К. агымы Тынч океандын түн. бөлүгүнүн климаттык, гидрол. ж-а биол. шарттарына зор таасир тийгизет.

КУ́РОЧКИН Ефрем Георгиевич (21. 1. 1921-ж. т., Каракол ш.) – гвардиянын улук сержанты, Сов. Союз. Баатыры (1944). 1940-жылдан Сов. Армияда. 1941-жылдын июлунан Улуу Ата Мекендик согушта башкы командованиенин резервиндеги Кызыл Туулуу 220-танкага каршы гвардиялык артиллериялык полктун 217-аткычтар дивизиясынын 5-батареясында замбирек командири. Беларуссиянын Бобруйск ш-н, Пуховичи, Вейшин жерлерин, Рундени т. ж. станциясын бошотушкан. Узляны кыш-ндагы салгылашта өзгөчө эрдик көрсөтүп, душмандын 6 контр чабуулунун мизин кайтарышкан, 400дөн ашуун гитлерчини өлтүрүп, 50 солдат м-н офицерин туткундаган, 10 пулемёт, 2 миномёт ж-а артиллериялык установканы жок кылып, Польшаны душмандан тазалоого катышкан. Согуштан кийин Жети-Өгүз р-нундагы «Үлгү» к-зунда иштеген. Ленин, 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери м-н сыйланган. Айылындагы жашаган үйүнө мемориалдык такта орнотулган.



КУРС (лат. cursus – чуркоо, кыймыл) – 1) баалуу кагаздар сатылуучу ж-а сатып алынуучу баа; 2) бир өлкөнүн акча бирдигинин экинчи өлкөнүн акча бирдиги м-н чагылдырылышы; 3) аракеттердин багыты ж-а образы.

КУРСАК БУТТУУЛАР, ү л ү л д ө р (Gastropoda) – раковиналуу молюскалардын саны өтө көп ж-а ар түрдүү классы. Денеси ассиметриялуу, баш ж-а тулкудан турат. Башында оозу, 1–2 тинтүүрү, алардын учунда же түбүндө көздөрү жайгашкан. Оозунда 2–17 миңге чейин майда тиши бар. Боору м-н жылат, жалпак курсагы буттун кызматын аткарат. Коркунучту сезгенде, денесин раковинага катып алат. Раковинасынын формасы конустай, чыгырыктай, жалпак табактай. Сууда жашоочулары бакалоору м-н, кургактагылары өпкөсү м-н дем алат. Нерв түйүндөрү диффузия – түйүндүү типте. Тең салмагын кармай турган ж-а хим. затты сезгич органдары бар. Айрым жыныстуу же гермафродиттер. Уруктануусу ички, гермафродиттердики кайчылаш өтөт. Өөрчүүсү түз же планктондук личинка стадиясы аркылуу жүрөт. Үч классчасы (алдынкы бакалоордуулар, арткы бакалоордуулар ж-а өпкөлүүлөр), 90 миңдей түрү бүт жер жүзүнө тараган. КМШ өлкөлөрүндө 2000дей түрү бар, тропик дениз жээктеринде көп кезигет. Кургакта, тузсуз сууда жашагандары боору м-н жылат, бир азы басат, денизде жашоочулары сүзүп ж-а секирип жүрүшөт. Кээ бир денизде жашоочу түрү уулуу. Көпчүлүк континенттик түрлөрү гельминттердин аралык ээси болуп эсептелет. Өсүмдүк жечүлөрү, жырткыч ж-а мителери да бар.

КУРСА́НТ (аскер) — аскер окуу жайынын, мектептин ж-а курстун окуучусу.

КУРСК – Россиядагы шаар. Курск обл-нун адм. борбору. Сейм д-нын боюнда жайгашкан. Калкы 410,8 миң (2009). Т. ж. тоому. Аэропорту бар. К. аркылуу «Крым» федерация автотрассасы өтөт. Болжол м-н 9-к-да пайда болгон. Шаарга 2006-ж. «Жоокер даңкы шаары» наамы берилген. Эркектер кечилканасы (1613), чиркөөлөр, 17–19-к-дын арх-ралык эстеликтери (а. и. князь Ромодановскийдин палатасы), Троица собору, шаардын четинде үй-чарбактар ж. б. көптөгөн арх-ра эстеликтери сакталган. Улуу Ата Мекендик согушта немис баскынчылары басып алган (1941–43) *Курск салгылашынын (1943)* жүрүшүндө шаар катуу талкалануура учураган. Согуштан кийин калыбына келтирилген. Бир нече эстеликтер (а. и. «Курск» кемесинин экипажына, 2003) ж-а мемориалдык эстеликтер тургузулган. Машина куруу [ишканалары: «Маяк» (дозиметр, радиацияны көзөмөлдөөчү приборлор), «Прибор» (авиация приборлору, радиоэлектроника жабдуулары ж. б.), аккумулятор, электр-аппаратура ж. б.], хим. (хим. була, резина-тех. буюмдар), хим.-фармацевтика («Фармстандарт»; негизинен парацетамол чыгарат), жеңил, тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт. Ун-ттер, ИИИлер, ин-ттар, театрлар, филармония, музейлер (а. и. край таануу, Курск салгылашынын аскер-тарыхы; 1963), сүрөт галереясы бар. Жыл сайын бүткүл Россиялык ыр, романс, иск-во фестивалдары өткөрүлүп турат.

КУРСК КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ Ысык-Көл р-нунда, Чолпон-Ата ш-нан 10 *км* батышта, Чоң Кой-Суу өзөнүнүн жээгинде, дениз деңг. 1640–1740 *м* бийикте. 1971-ж. геол. ча[illegible]доо жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен а[illegible]гын антропоген мезгилиндеги чөкмө тектер[illegible]т. Пайдалуу катмар аллювий-пролювий ч[illegible]сүнөн пайда болгон. Чоң Кой-Суу өзөнүн[illegible]ой линза сымал жайгашкан. Калыңдыгы [illegible]мге чейин, изилденген калыңдыгы 7,6–1[illegible]. Шагыл гранит, гранит-сиенит, эффузив, [illegible]рит ж-а метаморфизмделген тектердин с[illegible]ыктарынан турат. Шагыл (20 *мм*ден кесеги) 65%, кум (5 *мм*ден майдасы) 29%. Кум орт. ж-а ири бүртүктүү, кварц м-н талаа шпатынан турат, кесектик модулу 2,56, арасындагы чаңы 9%. Шагыл майдаланып, иргелип, куму жуулгандан кийин «300» маркасындагы бетон даярдоого жарактуу. Запасы А+В категориясы б-ча 1911 миң $м^2$, C_1 – 3879 млн $м^3$. Ачык казып алууга болот.

КУРСК МАГНИ́Т АНОМАЛИЯСЫ (КМА) – Россиядагы ири темир кени орун алган аймак. Курск, Белград, Орёл обл-нын аймагында жайгашкан. Уз. түш.-чыгыштан түн.-батышка 600 *км*дей созулат, туурасы 150–250 *км*. Аянты 120 миң $км^2$. 18-к-дын аягында академик П. Б. Иноходцев тапкан. 1919-ж. системалык түрдө изилдене баштаган.

КМА Чыгыш Европа платформасындагы Воронеж антеклизасында жатат. Анын астынкы бөлүгү фундаменти кембрийге чейинки кристаллдык тектерден, үстү чөкмө тектердин калың катмарынан турат. Темир кенташы 60–550 *м* тереңдикте, линза сыяктуу чөгүндүлөрдүн уз. 3,5–30 *км*, туурасы 100–3000 *м* ж-а калыңдыгы 9дан 100–120 *м*ге чейинки кристаллдуу фундаменттин үстүндө жатат. Кенташ бай ж-а жарды болуп бөлүнөт. Ж а р д ы к е н т а ш темирлүү кварциттен турат да, калыңдыгы бир нече *м*ден 700 *м*ге жетет. Курамында магнетит, магнетит-гематит, гематит кездешет. Темир 32–38,8% болот. Б а й к е н т а ш темирлүү кварциттин байыркы замандагы талкаланган аймагына байланышкан. Курамында мартит, темир слюдасы, лимонит, сидерит жолугат. Темир 53,6–61,6%ке жетет. КМАдагы темир кенташынын жалпы баланстык запасы 44,6 млрд *т*. А. и. жогорку сапаттагы бай кенташ – 20,1 млрд *т*, темирлүү кварцит – 28,5 млрд *т* (1970). Кен 1952-жылдан ачык казылып алына баштаган. Аны Липецк, Тула, Донбасс металлургия з-ддоруна жөнөтүп турат. 1972-ж. 20,5 млн *т* темир кенташы өндүрүлгөн. Ири кендери (чалгындалган запасы млн *т*): Михайлов (8691), Стойлен (5464), Лебедин (3785), Гостищев (2595), Стойло-Лебедин (2342), Коробков (2071) ж. б.

Ад.: *Калганов М. И., Коссовский М. А.* Курская магнитная аномалия. М., 1960; Геология, гидрогеология и железные руды бассейна Курской магнитной аномалии. Т. 3. М., 1969.

КУРСК САЛГЫЛАШЫ (1943) – Сов. Куралдуу Күчтөр[illegible] Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде (194[illegible]5) 1943-жылдын 5-июлунан 23-августуна ч[illegible]а Курск ш-нын жанында немистик-фашист[illegible] аскерлердин ири чабуулун үзгүлтүккө учурат[illegible] ж-а талкалаган согуш аракеттери.



Курск салгылашуусу.

К. с. коргонуу салгылашы (5–23-июль) ж-а контр чабуул (12-июль–23-август) болуп 2 мезгилге бөлүнөт. *Сталинград салгылашында (1942–43)* ж-а Сов. Армиянын кышкы чабуулунун жүрүшүндө немистик-фашисттик аскерлер жеңилгенден кийин, жоготкон стратегиялык демилгесин кайтаруу максатында немистик-фашисттик командачылык сов.-германдык фронтто ири чабуул даярдаган. Бул үчүн душман бир учурда Орёл тараптан түштүккө ж-а Харьков жактан түндүккө сокку уруу м-н Курскиде сов. аскерлерди курчап алууну ж-а талкалоону белгилеген. Операция «Цитадель» деп аталган. Салгылашка сов. аскерлер да даярданган. Курск урчугунун түн. жагын Борб. фронттун аскерлери (командачы армиянын генералы К. К. *Рокоссовский*), түштүгүн Воронеж фронтунун аскерлери (командачы армиянын генералы Н. Ф. Ватутин) коргогон. Булардын тылына жардам берүү үчүн (командачы генерал-полковник И. С. Конев) күчтүү стратегиялык резерв – Талаа фронту коюлган. Фронттордун аракетин Жогорку Ставканын атайын өкүлдөрү, Сов. Союз. Маршалдары Г. К. *Жуков*, А. М. *Василевский* жетекчиликке алган. Немистердин планы м-н жакшы тааныш болгон сов. командачылык 1943-ж. 5-июлда (душмандын чабуулунан бир нече саат мурун) аларга каршы ири артиллериялык ж-а авиац. чабуул уюштурган, натыйжада фашисттик армия көп жоготууга учурап, капыстан сокку ура албай калган. Ошол эле күнү фашисттик аскерлер Курскиге түн. ж-а түш. тараптан чабуулга өткөн, бирок жеңилип, коргонууга аргасыз болгон. 12-июлда Прохоровка р-нунда согуш тарыхындагы эң ири танк салгылаштарынын бири болгон. Ага 2 тараптан 1500дөй танк ж. б. оор курал-жарактар колдонулган. Душман бир күндө 350 танкын, 10 миңден ашык адамын жоготкон. 19-июлда Воронеж ж-а Талаа фронттору немистик-фашисттик аскерлерди Курск аймагынан сүрүп чыгарган. Натыйжада Орёл, Белгород ж-а Харьков ш. бошотулган. К. с. 50 күнгө созулуп, душман 30дай дивизиясынан, 500 миңден ашык адамынан ажыраган. Бул салгылашууда Сов. Армия немис аскерлеринин акыркы чоң чабуулун үзгүлтүккө учуратып, сов.-германдык фронтто стратегиялык демилгени биротоло өз колуна алган. К. с. Улуу Ата Мекендик согуштун жүрүшүндөгү эң зор бурулуш болуп, гитлердик Германияны талкалоодо зор роль ойногон.

КУРСО́Р – компьютер экранында кандайдыр бир образды (жебече, таякча, сөөмөйдүн элеси ж. б.) алып жүрүүчү кыймылдуу объект (сәлөкөт). К. кызматына жараша түрдүүчө болот. «Чычкан» К-у – графикалык чөйрөдө жебече түрүндө көрсөтүлөт. Абдан кыймылдуу, аткарылуучу жумушуна жараша өзгөрүлүп турат. Мис., программа ишке кийрилип же жүктөлүп жаткан учурларда кум сааты, текстти редакциялоодо таякча түрүндө болот. Ал эми объекттерди (сүрөт, чийме ж. б.) көрсөтүү, белгилөө, жылдыруу учурунда жебечеге айланат. Э к р а н К-у – «чычкан» К-унун аракети аркылуу белгиленген төрт бурчтуу түстүү так (кара, көк ж. б.). К-дун мындай форманы алышы «объект белгиленди» дегенди билгизет да, колдонуучунун аракетин күтөт. К о л д о н м о п р о г р а м м а л а р д ы н ж у м у ш ч у К-у – колдонмо программалардын максатына жараша түрдүү формада (мис., сүрөт тартуучу редактордо кыл калем же карандаш) болот.

КУРТКА – Ак-Талаа р-нунун аймагы аркылуу аккан суу, Нарындын оң куймасы. Молдо-Тоодон башталат. Уз. 45 *км*, алабынын аянты 417 $км^2$, суу куралуу аймагынын дениз деңг. орт. бийикт. 2950 *м*. Негизинен кар сууларынан куралат. Жайында кирип, күзүндө тартылат. Орт. чыгымы 2,9 $м^3$/*сек*. Ири куймалары: Көл-Кайын, Сулуу-Куртка, Кашка-Суу, Терен-Суу.

КУРТКА КАПЧЫГАЙЫ Молдо-Тоонун түш. капталында. Ак-Талаа р-нунун аймагында. Куртка суусунун аккан багыты б-ча түндүктөн түштүккө 30–33 *км*ге созулат. Таманынын жазы жери 2–3 *км*, кууш жери 400–600 *м*; дениз деңг. 1800–2600 *м* бийикте жатат. Формасы V сымал. Капчыгай суу эрозиясы м-н аккумуляциясынын кесепетинен карбондун кумдук, сланец, конгломерат тектерин жеп, үбөлөнүшүнөн пайда болгон. Таманында төртүнчүлүк мезгилдин чөкмө тектери жокко эсе. Капчыгайга талаа, шалбаалуу талаа (2300 *м*ге чейин), токой аралаш-

кан шалбаа ландшафт алкактары мүнөздүү. Капчыгай аркылуу Ортоңку Нарын ж-а Соңкөл өрөөндөрүн туташтырган автомобиль жолу өтөт.

КУРТКА ФЛЮОРИ́Т КЕНИ Нарын обл-нун Ак-Талаа р-нунда, Молдо-Тоонун түш. капталында, Сулуу-Куртка суусунун оң жээгинде, дениз деңг. 2100 *м* бийикте. 1949-, 1958- ж-а 1964-ж. изилденген. Кен аймагын карбондун башталышындагы акиташ, сланец катмарлары түзөт. Алардын арасында флюорит тулкусу линза түрүндө кезигет. Уз. 40 *м*, туурасы 10 *м*, жалпы аянты 410 $м^2$. Флюорит майда кристаллдуу, бек, тыгыз. Өңү кочкул көк, сыя көк, ачык көк. Запасы C_1 ж-а C_2 категориясы б-ча 30,8 мин *т*. Флюорит кара металлургия ө. ж-нда флюс катары пайдаланууга жарактуу.

КУРТ-КУМУРСКА ЖЕЧҮЛӨР (Insectivora) – сүт эмүүчү жаныбарлардын түркүмү. Уз. 3 *см*ден (кидик күрөң тиш, кидик ак тиш) 39 *см*ге жетет. Башы сүйрү, тумшугу узун, көзү кичине. Жүнү кыска, өңү боз, кара, чанда темгилдүү, кай бириники кылдуу же тикендүү (кирпилер). Көпчүлүгү басып жүрөт, буттары, куйругу кыска, беш манжалуу же узун. Тиштери начар бөлүнгөн. Жыт сезүү органдары жакшы өөрчүгөн. Жер жүзүндө 7 тукуму, КМШ өлкөлөрүндө 3 тукуму: кирпи сымалдар, көр чычкандар ж-а жер чукуурлар кездешет. Көбүнчө омурткасыздарды, майда омурткалууларды жейт. Жылына 2–3 жолу төлдөйт. Алардын ичинде териси баалуулары ж-а жугуштуу оору таратуучулары бар. Көпчүлүк түрү азыгын күүгүмдө издейт. Айыл ж-а токой чарбасына зыян келтирүүчү омурткасыздарды кырып пайда алып келет. 8 түрү ТКЭСтин Кызыл китебине катталган.

КУРТ-КУМУРСКАЛАР (Insecta) – омурткасыз жаныбарлардын муунак буттуулар тибиндеги классы. К.-к. – филогенездик жактан көп буттууларга жакын, түрү өтө көп жаныбарлар. Азыркы мезгилде К.-к-дын 1 млндон ашык түрү белгилүү ж-а алардын дээрлик бардыгы изилденип жазылган. Уз. 0,2 *мм*ден 33 *см*ге чейин жетип, сырткы скелети – кутикуласы бар ж-а ага кыймылдуу булчуңдар биригет. К.-к-дын түсү кутикуладагы же анын астында жайгашкан гиподермадагы пигменттин курамына, ал эми көпөлөктөрдүн канатынын түсү кабырчыктардын ультра түзүлүшүнө байланыштуу. Сегменттелген денеси баш ж-а курсак бөлүгүнөн турат. К.-к-га бир жуп мурутча (антенна), көкүрөгүндө үч жуп муунактуу буттар мүнөздүү. Дем алуусу көбүнчө ткандагы тери түтүкчөлөрү – трахеялары, айрымдарында тери аркылуу ишке ашат. Жетилген К.-к-дын баш бөлүгүндө эки татаал же фасеттүү көздөрү ж-а үч жөнөкөй көзчөлөрү жайгашкан. Формасы ж-а өлчөмү ар түрдүү мурутчалары сезүү органынын кызматын аткарат. Оозу кемирүүчү, соруучу же сайып-соруучу тип-



Курт-кумурскалар: 1 – көк мүйүз куйрук (ургаачысы); 2 – мырза карагай таарыгычы; 3 – кадимки сары аары; 4 – махаон, 4*а* – эжеке бээ саасы; 5 – апполон; 6 – чоң шайтан калдыркан; 7 – сасык сыйда коңуз; 8 – кара суучул коңузу; 9 – бугу коңуз; 10 – ири ызылдак коңуз; 11 – эл кайда кочот; 12 – бразилия узун бут арлекини; 13 – африка голиафы; 14 – кампа кенеси; 15 – аргас кенеси; 16 – канатсыз кызыл кене; 17 – италия кенеси;

те. Ар бир көкүрөк сегментинде бир жуптан 5 мүчөлүү буту болуп, алар жүгүрүү, сүзүү, секирүү, казуу ж. б. кызматтарды аткарат. Ал эми канаттуу К.-к-дын ортоңку ж-а арткы көкүрөк бөлүгүндө бир жуптан канаты жайгашат. Курсак бөлүгүндө (эркектеринде копуляция органы, ургаачыларында жумуртка салгыч) азык сиңирүү системасынын көпчүлүк бөлүгү, кан айлануу, бөлүп чыгаруу ж-а жыныс системалары орун алган. К.-к-га татаал нерв системасы ж-а абдан өөрчүгөн сезүү органдары мүнөздүү. Алар дээрлик кургакта жашайт. К.-к. азык зат тандоого, жыныс өнөгүн так аныктоого, тукуму үчүн кам көрүүгө, убакыт ж-а мейкиндик бирдигинде татаал багыт алууга жөндөмдүү. Аарылар, кумурскалар, термиттер коомдошуп тиричилик өткөрүшөт. Мында коом мүчөлөрүнүн ортосунда маалымат алмашуу, «эмгекти» бөлүштүрүү жогорку деңгээлде жолго коюлган. К.-к-дын өөрчүүсү *метаморфоз* аркылуу ишке ашып, толук эмес же толук кубулуу мүнөздүү. Жумурткадан личинка чыгып, ал бир нече жолу түлөгөн соң,

жетилген курт-кумурска – *имагого* айланат. Толук эмес кубулуучу К.-к-дын личинкалары имагого окшош, бирок өлчөмү кичине болуп, канаттары жетилбеген (же канаттуу) формада болот. Ал эми толук кубулуучу К.-к-дын личинкалары имагого такыр окшобойт ж-а жетилген формага айланардан мурда куурчакча стадиясын басып өтөт. Өтө тукумчулу тез өөрчүйт (жылына 10 мүнгө чейин). К.-к. гүлдүү өсүмдүктөрдү чаңдаштырат, заттардын айлануусунда ж-а топурак [illegible]а кылууда маанилүү, алар м-н башка жа[illegible]рлар азыктанат. К.-к.– талаа ж-а токой зы[illegible]кечтери, жаныбар ж-а кишинин мителер[illegible]у козгогучтар, кампа ж-а музей зыянкечте[illegible]л эми бакма түрлөрү (бал аары ж-а тыт ж[illegible]к көпөлөгү), маданий өсүмдүктөрдү чаңда[illegible]руучулар, экскрементти ж-а жаныбар калдыктарын арылтуучулар, башка К.-к. м-н азыктануучу энтомофаг К.-к. (чабармандар, тахиналар, дуулдактар ж. б.) киши тиричилигинде пайдалуу. К.-к-дын 16 түрү КРдин Кызыл китебине катталган.

Ад.: *Бей-Биенко Г. Я.* Общая энтомология. М. 1971.

Т. К. Калтаев.

КУРТ-КУМУРСКАЧЫЛ ӨСҮМДҮКТӨР – *курт-кумурскаларды* кармап, кошумча азыктануучу автотрофтуу өсүмдүктөр. К.-к. ө. өскөн жерде азоттуу азык заттар, калий, фосфор жетишсиз болгондуктан, бул өсүмдүктөр жалбырагы м-н курт-кумурскаларды кармап азыктанын, алардын ордун толуктайт. Жалбырагында азык заттарды эритүүчү ферменттерди ж-а орг. к-та бөлүп чыгаруучу безчелер болот. Ферменттер курт-кумурсканын денесин өсүмдүк сиңирүүчү жөнөкөй бирикмеге чейин ажыратат. Бул өсүмдүктөр курт-кумурсканы өзүнө тартууга ж-а кармоого татаал ж-а түрдүүчө ылайыктанган. Ыйлаакчалардын (баштык сымал органы бар) суу астындагы жалбырагында курт-кумурска кирүүчү тешикчеси болот. Тропик түрлөрүнүн жалбырагынын үстүнкү жак жээги жылмакай, кумурадай болуп, курт-кумурска жылмышып, анын ичине түшөт. Альдрованданын жалбырагы жабышкак зат бөлүп чыгаруучу бездүү кызгылт түктөрү м-н кармайт. Айрымдарынын кармагыч жалбырактары чымын-чиркей конгондо жабылып калат. Кээ бир өсүмдүктөр жыты м-н аларды өзүнө тартат да, ага конгондо жалбырагы бүктөлүп калат. Бир росянка күнүнө ондогон чымын чиркейди сиңирет. К.-к. ө-дүн 6 тукумунун 500дөй түрү белгилүү. КМШ өлкөлөрүндө 20дай түрү мелүүн алкактын токойлорунда, азот, фосфор, калий жетишсиз жерлерде, көлмөлөрдө, саздарда өсөт.

КУРУК-КӨЛ – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нундагы кыштак. Ырыс айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 705 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 4 *км* түш.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 6 *км*. Калкы 4605 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, ФАП бар.



Курт-кумурскачыл өсүмдүктөр: 1*а* – жирянка, 1*б* – жалбырагы; 2*а* – тегерек жалбырактуу росянка, 2*б* – кармап алган чымыны менен жалбырагы; 3*а* – гибрид непентес, 3*б* – жара кесилген кумурасы; 4*а* – Друммонди саррацения, 4*б* – жара кесилген кумарача; 5*а* – калифорния дарлингтониясы, 5*б* – жара кесилген жалбырагы, ичиндеги чымыны м-н; 6*а* – венера чымынчысы, 6*б* – чымын кармап алган жалбырагы.

КУРУКОЛ КОРУКЧАСЫ – Жалал-Абад обл-нун Ала-Бука р-нундагы токой корукчасы (заказниги). Аянты 348 *га*. Карагай ареалынын батыш чет-жакасындагы теңир-тоо карагай токоюн коргоо максатында 1975-ж. уюшулган. Анда карагайдан башка четин, долоно, зараң, катын жаңгак (афлатуния), изирик, табылгы ж-а ит мурундун бир нече түрү өсөт.

КУРУЛТАЙ – 1) огуз, түрк урууларынын ак сөөктөрү, бийлери тарабынан чакырылган атайын жыйын. К. улуу ханды (каган), аскер башын шайлоо, жүрүшкө аттануу ж. б. жалпы уруу, аймактарга тиешелүү маанилүү маселелерди чечүү үчүн чакырылган (к. *Кыргыздардын Чүйгө көчүшү, Кыргыздардын бүткүл дүйнөлүк 1-курултайы*). Ага катышуу үчүн атайын өкүлдөр тандалып, алар кабыл алган чечим аткарылууга тийиш болгон. Кийин *Чыңгызхандын* империясында да маанилүү роль ойногон. 1920-ж. О. Азиядагы Түркмөнстан, Тажикстан, Өзбекстан ж. б. респ-ларда жогорку мыйзам чыгаруучу бийлик органы болгон. Кыргыз санжыраларында арабдар келгенге чейин (8-к.) Бооке хан башында турган кыпчактарды чаап, кыргыздар бир мамлекет болгондо К. чакырылганы айтылат; 2) ар кандай партия, бирикме ж. б. коомдук кыймылдардын маанилүү маселени чечүүгө арналган баштапкы жыйыны.

КУРУЛУШ – Жалал-Абад обл-нун Чаткал р-нундагы кыштак. Чаткал айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1460 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Каныш-Кыя кыш-нан 33 *км* батыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 354 *км*. Калкы 1339 (2009); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, мечит бар.

КУРУЛУШ – материалдык өндүрүштүн бир тармагы. Ага жаңы же реконструкцияланган ө. ж. ишканасы, коммуналык ж-а маданий имараттар, электр станциясы, жол, электр берүү линиясы ж-а ар түрдүү К. кирет. К. тармагы долбоор түзүү, объектини куруу, монтаждоо жумуштарын ж-а К. б-ча ил.-из. ишин кучагына алат.

КУРУЛУШ (мурдагы У ч) – Жалал-Абад обл-нун Ноокен р-нундагы кыштак. Момбеков атн. айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 580 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Масы кыш-нан 15 *км* батыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 60 *км*. Кыштак 1958-ж. негизделген. Калкы 2856 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Үч тегирмен, май чыгаруучу цех, медпункт иштейт. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры М. *Амадалиев* туулган.

КУРУЛУШ, К о ш - К у л а к – Жалал-Абад обл-нун Ноокен р-нундагы кыштак. Ноокен айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 600 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Масы кыш-нан 8 *км* батыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 53 *км*. Кыштак 1931-ж. негизделген. Калкы 4219 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Консерва з-ду, май чыгаруучу цех, мончо, соода түйүндөрү, тегирмендер иштейт. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, амбулатория, клуб, байланыш бөлүмү бар. Улуу Ата Мекендик согушта курмак болгондорго эстелик тургузулган.

КУРУЛУШ КОНСТРУКЦИ[illegible]АРЫ – имарат ж-а курулуш тургузуу үчүн к[illegible]улуучу түзүлмө. Аларды даярдоодогу негиз[illegible] материалдарга жараша К. к. металл (болот[illegible]жеңил кошундулардан), темир-бетондуу, [illegible]ч, таш, полимердик ж. б. болуп айырмала[illegible] К. к. тирөөч, жүк көтөргүч ж-а аны башк[illegible]онстр-га өткөрүүчү, чектөөчү ж-а имараттын сырткы бөлүгүн түзүүчү же өз ара бөлүктөргө ажыратуучу болуп бөлүнөт. О. эле, металл констр-лар, жыгач констр-лар, тосмо констр-лар, темир-бетондуу констр-лар ж-а жасалгалар.

КУРУЛУШ МАТЕРИАЛДАРЫ – имараттарды же башка жайларды курганда же ондогондо колдонулуучу табигый ж-а жасалма материалдар. К. м. курамы ж-а сапаты б-ча табигый таш (талкаланган, кесилген, жылмаланган); бириктиргич борпоң материалдары (кум, шагыл); орг. (битум, рубероид, толь, асфальт-бетон, аралашмалар ж. б.); орг. эмес жабышкак материалдар (гипс, акиташ, цемент ж. б.); карапа материалдар (кыш, карапа ташы ж-а тактасы); жыгач (тактай, фанера); металлдар (болот прокаттар, арматуралар, имараттын каркастары, өткөргүч түтүктөр); жылуулук, суу ж-а үн өткөрбөөчү материалдар ж. б. болуп бөлүнөт. К. м. колдонулушу б-ча фундаментке (бетон, таш, темир-бетон), дубалга (кыш, бетон, карапа, блок, панель), имаратты жабууга (темир-бетон такталары ж-а панелдери, көндөй карапа, жыгач материалдары), полго (тактай, паркет, карапа такталары ж. б.), чатырды жабууга (черепица, сланец, шифер, жука темир ж-а чоюн такта), жылуулук ж-а суу өткөрбөөгө (минерал ж-а айнек кебездери, көбүктүү бетон ж-а айнек-жыгач була, кийиз, кебез, пергамин, сыр, лак, чопо, цемент ж. б.), кооздоо ж-а жасалгалоого (гранит, акиташ, мрамор, карапа такталары, шыбак аралашмалары, линолеум, кооз кагаз) ж. б. колдонулма материалдар болуп айырмаланат. Жалпысынан К. м-нын түрлөрү абдан көп, алар бири биринен сапаты, курамы ж-а арналышы б-ча айырмаланат.

КУРУЛУШ МАШИНАЛАРЫ – курулуш өндүрүшүндө пайдаланылуучу машиналар. Алар жүк ташуучу, жер казуучу ж-а таптоочу, пайдубал орнотуучу, таш талкалоочу ж-а иргөөчү, бетон даярдоочу, ташуучу ж-а шыкоочу, арматура даярдоочу ж-а ширетүүчү, жыгач буюмдарын иштетүүчү болуп бөлүнөт. Булардан башка

курулуш элементтерин көтөрүп орнотуучу крандар ж-а механикалаштырылган жеңил аспаптар да К. м-на кирет. Курулуш жүгүн ташуу үчүн өзү түшүрүүчү автомашиналар, трактор чиркегичтери, цемент, ферма, устун, панель, тосмолорду ж. б. ташыгыч атайы К. м. колдонулат.



Курулуш машиналары: 1. Мустанг 2044; 2. Бетон аралаштыргыч (КАМАЗ); 3. XGG 121; 4. Deere 872G.

Жер казууда бир ж-а көп сузгучтуу экскаватор, скрефер, грейфер пайдаланылат. Ал эми жалгоочу пайдубалды орнотууда жалгоочту уруучу, жер бургулоочу, бетон ташуучу машиналар, автокран пайдаланылат. Бетон даярдоодо керектелүүчү шагылдар жаактуу, конус ж-а балка түрүндөгү таш талкалагыч К. м. м-н алынат. Жыгач материалынан плинтус, рейка ж. б. даярдоого жыгач сүргүч, жышыгыч, формалагыч ж. б. станоктор иштетилет.

КУРУТ – *сүзмөдөн* жасалуучу эзелки сүт азык. Сүзмөнү кайнатып же кайнатпай даярдайт. Чогулган сүзмөнү казанга салып, ага айран, туз кошуп, коюлганга чейин кайнатат. Муздаган соң, майда-майда тоголоктоп, атайы жасалган сере, чий ж-а тактайга кургатат. Кыш ж-а жаз айларында сууга эзилген К. суусун ж-а катык катары пайдаланылган. Эзилгенине май салып же каймак куюп, нан туурап, тамак катары ичишкен. Ыраак жолдо, көчтө, узак кышта, ачарчылык жылдарында К-тун айрым түрүн *күл азыкка* кошкон. Курамына каймак май кошулуп, тузу өткүрүрөөк салынса, м а й К., кемирээк туздалып, эжигей кошулса, э ж и г е й К., чий темгили түшүп, чий сереге кургаганы, ч и й К. деп аталып, азыркы учурда да жасалат.

КУРУ-ТЕГЕРЕК ЖЕЗ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Чаткал р-нунда, Сандалаш кырка тоосунун түн. капталында, Куру-Тегерек суусунун башында, дениз деңг. 2500–3100 *м* бийикте. Кен жерг. элге илгертен белгилүү. 1964–66-ж. чалгындалган. Кен аймагын таш көмүр мезгилинин башталышындагы, калындыгы 1250 *мге* жеткен, мрамор, мраморлошкон акиташ тектери түзөт. Алар бүктөлүүгө учурап, ири синклиналдык түзүлүштү пайда кылат. Акиташ тегин шток сымал кварцтуу диорит, кварцтуу диорит-порфирит интрузиялары жиреп чыккан. Кенташ тулкулары акиташ м-н интрузия кошулган жердеги линза, тарамча түрүндөгү скарн кабаттарында жайгашкан. Минералдык курамы ар түрдүү. Негизги минералдары: магнетит, пирит, пирротин, халькопирит, нукура алтын, жез ж. б. Кенташтагы пайдалуу компоненттердин өлчөмү: жез 1,02–1,08%, алтын 2,2 –5,3 *г/т*, күмүш 0,35–180 *г/т*, платина 0,00011–0,5 *г/т*, рений 0,5–5 *г/т*. Жездин запасы C_1 ж-а C_2 категориясы б-ча 319,2 миң *т*, алтын – 30 *т*.

КУРУ-УЧКУРТ ТОО ХРУСТАЛЫ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нунда, Таш-Көмүр ш-нан 20 *км*, дениз деңг. 2500 *м* бийикте. 1980-ж. издөө иштери жүргүзүлгөн. Палеозойдо пайда болгон метаморфизмделген эффузивде 2000ге жакын кварц тарамдары табылган. Алардын 30% и хрусталь. Тарамдардын калыңдыгы 30 *см*ден 2 *см*ге чейин, уз. 3–15 *м*. Кристаллдарынын уз. 5–60 *см*, эни 1–3 *см*, көбү жаракалуу ж-а газсуюктук кошундулары м-н булганган. Зер буюмдарга жарай турган жогорку сапаттагы кристаллдар да кездешет.

КУРФЮРСТТАР (нем. Kur – шайлоо, Furst – князь) – «Ыйык Рим империясында» 13-к-дан королду шайлоого укуктуу княздар. Трир, Кёльн ж-а Майнц архиепископтору, Саксония, Пфальц, Бранденбург ак сөөк княздары ж-а Чехия королу К. болушкан. К-дын укугу ж-а өзгөчө артыкчылыгы Карл IVнүн Алтын булласы (1356) аркылуу юрид. күчкө ээ болгон. Рейхстагда К. коллегиясы биринчи курияны уюштурган. 1806-ж. империянын жоюлушу м-н К. коллегиясы да иштебей калып, алардын титулун формалдуу түрдө Гессен-Касселдин башкаруучулары гана 1866-ж. чейин сактап келишкен.

КУРЧАТОВ Игорь Васильевич [30. 12. 1902 (12. 1. 1903), Уфа губерниясы, Сим Заводу посёлкасы (азыркы РФ, Челябинск обл., Сим. ш.) – 7. 2. 1960, Москва] – сов. орус физиги, атом ж-а ө. ж-н түзүүчү, СССР ИАнын академиги (1943), үч жолку Соц. Эмг. Баатыры (1949, 1951, 1954). Лениндик сыйл. (1957) ж-а СССР мамл. сыйл. бир нече жолку (1942, 1949, 1951, 1954) лауреаты. 1923-ж. Крым ун-тинин физика-математика ф-тин бүтүргөн. 1924–25-ж. Азербайжан политех. ин-тунда (Баку) ассистент. 1925-жылдан Ленинград физика-тех. ин-тунда иштеген. 1943-ж. атайын ин-т (СССР ИАнын Атом энергиясы ин-ту) уюштуруп (1960-ж. К-дун ысмы берилген), анын жетекчиси болгон. 1946–60-ж. СССР ИАнын Президиумунун мүчөсү. 1933-жылдан атом ядросунун физикасы б-ча иштеп, 1934-ж. нейтрон м-н бомбалоонун натыйжасын-



да ядролук реакциянын тармактануу кубулушун ачкан ж-а бир нече элементтердин жасалма радиоактивдүүлүгүн изилдеген. 1935-ж. өзүнүн кызматкерлери м-н бирдикте жасалма радиоактивдүү изотоптордун ядролук изомерия кубулушун ачкан. К-дун изилдөөлөрү урандын өзүнөн өзү бөлүнүшүн далилдеген (1940). Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында К. коргонууда мааниси зор жумуштарды аткарган. К-дун жетекчилиги м-н Москвада биринчи циклотрон (1944), Европада биринчи атом реактору (1946) курулду; биринчи сов. атом бомбасы (1949), дүйнөдө биринчи термоядролук бомба (1953) жасалды, дүйнөдө биринчи ө. ж. атом электр станциясы (1954) ж-а термоядролук реакцияларды жөнгө салуу б-ча изилдөөлөрдү жүргүзүүгө арналган эң ири орнотмо (установка) курулду (1958). СССР Жогорку Советинин (3–5-шайланышынын) депутаты. Алты Ленин ж. б. ордендер м-н сыйланган. Сөөгү Кремль дубалына коюлган. СССР ИА ядро физикасы ж-а атом энергетикасы жаатындагы зор жетишкендиктер үчүн ыйгарылуучу Курчатов атн. алтын медаль белгилеген (1960).

Эмг.: Избранные труды: В 3 т. М., 1982–1984; Собрание научных трудов: В 6 т. М., 2005–2007. Т. 1–2.

Ад.: *Асташенков П. Т.* Академик И. В. Курчатов. М., 1971; Курчатов в жизни. Письма, документы, воспоминания (из личного архива) / Авт.-сост. В. В. Кузнецова., М. 2002; И. В. Курчатов в воспоминаниях и документах. М., 2004.

КУРЧАТО́ВИЙ (лат. Kurchatovium), Ku – *элементтердин мезгилдик системасынын* IV тобундагы жасалма жол м-н алынган, радиоактивдүү хим. элемент. Ат. н. 104. Туруктуу изотобу жок, массалык саны 255–262 болгон кыска мөөнөт жашаган 10 изотобу белгилүү. Салыштырмалуу узак убакыт туруктуу изотобу Ku^{261}. Окистенүү даражасы+4. К-дин изотоптору Pb, Pu, Cm, Cf элементтерин титан, кычкылтек, азот, көмүртек иондору м-н узакка нурлантуудан алынат. 1964-ж. орус окумуштуусу Г. Н. Флертов плутонийди ылдамдатылган неон иондору м-н нурлантуудан алып, аны И. В. *Курчатовдун* атынан атаган.

КУРЧОО (согушта) – душман топторун башка аскерлеринен ажыратып, талкалоо же туткундоо. К. душмандын коргонуусун фронттун бир нече участкасынан бузуп кирип, кошулуу багытында чабуулду күчөтүү м-н ишке ашырылат. Анын натыйжасында душмандын К-догу топторун башка аскерлеринен ажыратуучу сырткы фронт ж-а туташ ички фронт түзүлөт. К. чегинген душмандын артынан түшүүдө, контр чабуул убагында ж. б. учурларда жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Улуу Ата Мекендик согушта (1941–45) сов. аскерлер Сталинград салгылашында (1942–43), Яссы – Кишинёв (1944), Берлин (1945) ж. б. операцияларында душмандын эң ири топторун К-го алып талкалаган.

КУРЧУТКУЧ СТАНО́К – кесүүчү аспаптарды жылмалап курчутуп, калыбына келтиргич. Тилкелүү, дисктүү ж-а тасмалуу араа, жонуучу бычак, фреза, ар кандай бургуларды ж-а кол аспаптарын курчутууда кенири колдонулат. Кесүүчү аспап катары абразивдүү (кумдуу, карборунддуу, корунддуу ж. б.) курчуткуч тегерек кайрактар ж-а айрым учурда өгөө пайдаланылат. К. с. кол м-н кыймылга келүүчү ж-а татаал автоматтык станокко чейин ар түрдүү болот. Констр-сы б-ча столго [illegible]отулган, өзүнчө станинада бекитилме, ташы[illegible] жүрмө, универсалдуу болуп бөлүнөт.

КУРША́П, Куршаб («куу ч[illegible]кургак чап» деген сөздөн) — Алай кырка[illegible]унун түн. капталынан агып түшкөн суу, [illegible]-Дарыянын сол куймасы. Алай р-нунун ай[illegible]нда. Уз. 157 *км*, алабынын аянты 3750 *км*[illegible]лабынын дениз денг. орт. бийикт. 2700 *м*. [illegible]лчө ж-а Жошолу суулары кошулгандан баштан К. аталат. Булак (66%), кар (23%) ж-а мөнгү (11%) сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 24,6 $м^3/сек$ (Кочкор-Ата постунда), эң көп чыгымы июнда (58,6 $м^3/сек$), эң азы февралда (10,9 $м^3/сек$) байкалат. К-дын 50дөй куймасы бар (Гүлчөнү кошкондо). Ирилери: Жошолу, Бүлөөлү, Терек (оң), Мурдаш, Жылуу-Суу (сол). Алабында жалпы аянты 10,3 $км^2$ болгон 31 мөнгү бар. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Гүлчө, Куршап кыш. жайгашкан.

КУРШАП ӨРӨӨНҮ Түш. Кырг-ндагы Кара-Дарыя, Куршап, Кысык-Алма сууларынын шиленди конустарынан орун алган. Чыгышынан Кара-Дарыя, батышынан Отуз-Адыр, түштүгүнөн Кысык-Алма ж-а Төөчү адырлары, түндүгүнөн Кемпир-Абад босогосу м-н чектешет. Өзгөн р-нунун аймагында. Уз. 50 *км*, туурасы 30–35 *км* чамасында. Орт. бийикт. 950 *м*. Антропогендин кум-чополуу, шагыл ж-а лёсс тектери м-н капталган. Шералы дөнсөөлөрүндө лёсс катмарынын калыңдыгы 10–15 *мге* жетет. Климаты континенттик. Январдын орт. темп-расы –4,5°С, июлдуку 25–26°С. Жылдык жаан-чачыны 300–350 *мм*. К. ө. аркылуу Куршап суусу өтөт. Өрөөндүн төмөн жагында Кемпир-Абад суу сактагычы курулган. Боз топурак басымдуу. Табигый өсүмдүктөрү: камыш, ак тикен, чычырканак ж. б. Маданий өсүмдүктөрдөн алма, өрүк, шалы, тамеки, таруу, жүгөрү, жүзүм, буудай ж. б. өстүрүлөт. Өрөөндө Куршап, Савай, Жаңы-Арык ж. б. кыш. бар. К. ө-нөн Ошту Кара-Кулжа р-ну м-н байланыштырган автомобиль жолу өтөт.

КУСТО́ (Cousteau) Жак-Ив (11. 6. 1910, Бордого жакын Сент-Андре-де-Кюбзак – 25. 6. 1997, Париж) – француз океанографы ж-а кино режиссёр, Франция академиясынын (1988), АКШ Улуттук ИАнын (1968) мүчөсү. Бресттеги дениз мектебин бүтүргөн (1930). 1936-ж. аварияга учурап, окуусун уланткан эмес. К. 1943-ж. инженер Эмиль Ганьян м-н бирдикте аквалангды скафандрасы м-н (аны м-н дениз түбүнө 90 *мге* чейин түшсө болгон), кийинчерээк жарык берүүсү бар суу өткөрбөөчү камераны, суу ас[illegible]ндагы иштөө мүмкүн[illegible]гү бар алгачкы телевизор системасын ойлоп [illegible]кан. 1950-ж. «Калипсо» кемеси м-н экспед[illegible]ага чыккан. Алардын алгачкы ийгилиги [illegible]л. изилдөө ж-а дениздин түбүн сүрөткө түшүр[illegible]250 *мге* чейин) болгон. Суу астындагы үй[illegible] «Чумкуучу тарелка» аппараты ж. б. ойло[illegible]буулары бар. К. «Жымжырттык дүйнө[illegible]дө» («В мире безмолвия») ж. б. көптөгөн кенири белгилүү китептердин автору. Дайвинге арналган «Жымжырттык дүйнөсүндө» фильми (1956, Л. Маль м-н бирге), Канн ЭКФтин баш байгесине, «Оскар» сыйлыгына (1957) ээ болгон. Белгилүү фильмдери: «Он сегиз метр тереңде» (1943), «Алтын балык» (1958, «Оскар» сыйл.), «Жарыксыз дүйнө» (1964) ж. б. 1968–76-ж. 36 фильмден турган «Жак Кустонун суу түпкүрүндөгү дүйнөсү» сериалы чыккан. «Кустонун суу түпкүрүнө саякаты» (1977–82), «Түндүк Америкадагы окуялар» (1982), «Амазонка» (1982–85), «Космостогу оазис» (1977), «Дүйнөнү кайрадан ачабыз» (1982–94), «Жак Ив Кусто» (1995–97) телесериалдары да бар. Анын идеяларын ж-а ачылыштарын көзү тирүү кезинде түзүлгөн Кусто коому ж-а Кусто командасы жайылтууда. Ардактуу легион ордени м-н сыйланган.



Б. М. Кустодиев. «Көпөстүн аялы чай үстүндө». 1918. Орус музейи. Санкт-Петербург.

КУСТО́ДИЕВ Борис Михайлович [23. 2(7.3). 1878, Астрахань – 26. 5. 1927, Ленинград] – орус живописчиси ж-а графиги. Петербург Сүрөт академиясынын академиги (1909). Петербург Сүрөт академиясында И. Е. Репинден окуган (1896–1903). 1911-жылдан «Искусство дүйнөсү» бирикмесинин мүчөсү. Орус жаратылышы м-н арх-расынын сулуулугун көргөзгөн пейзаждарды; о. эле рев-яга чейинки провинция типтерин ж-а көрүнүштөрүн («Чай ичүү», 1913, Третьяков галереясы ж. б.) ачык мүнөздөгү юмор м-н тарткан. Жанрдык чыгармалардын, китеп иллюстрацияларынын, скульптура ж-а портреттердин автору. «Большевик» (1920, Третьяков галереясы), «Коминтерндин 2-конгрессинин урматына Урицкий аянтындагы майрам» (1921, Орус музейи) картиналарын жараткан. В. И. Лениндин образын сүрөт иск-восунда түзгөн. Театр сүрөтчүсү катары да белгилүү.

Ад.: *Холлс М., Крестовникофф М.* Скуба-дайвинг. М., 2007.

КУСУУ – карынга бөтөн нерселер, сапатсыз тамак-аш ж-а ар кандай уу заттар түшүп, анын былжыр челин дүүлүктүргөндө окшуп, карындын ичиндегилерин эрксизден ооз аркылуу чыгаруу; организмдин коргонуу – ыңгайлануу реакциясы. О. эле карындын ж-а ички органдардын, борб. ж-а четки нерв системасынын дүүлүгүүсүндө же оорусунда, кош бойлууларда (к. *Талгак*) байкалат. К. баш травмасы – мээ чайкалганда ж-а шишигенде, мээнин кан айлануусунун бузулушунун белгиси болушу да мүмкүн. Катуу оорулууларды ж-а эсинен тангандарды кусканда кусунду дем алуу жолуна кетип калбасын үчүн башын ылдый кылып, кырынан жаткырат. Кан аралаш кусса, карын тушуна муздак нерсе коюп, тезинен врачка кайрылуу керек.

«КУТАДГУ БИЛИК», «Кут даарыган билим», «Куттуу билим» – түрк элдеринин акыны ж-а ойчулу *Жусуп Баласагунинин* филос. дастаны. *Караханиддердин* каганы Сулайман Арслан Кара-кагандын уулу *Тавгач Богра (Буура) Каракаган* Абу Хасанга (1056–1103) арналып, 1069-ж. жазылып бүткөн. Бул чыгармасы үчүн Жусуп Баласагуни Хасс-Хажип (ордо иштеринин башчысы) даражасын алган. Азыр анын үч нускасы белгилүү: 1) уйгур тилиндеги, 1439-ж. Герат ш-нан табылган нускасы, азыр Вена ш-нда сакталуу турат; 2) 14-к-дын 1-жарымындагы араб жазмасы аркылуу жеткен, аны немис окумуштуусу Б. Морин 1886-ж. Каирдеги Хидив китепканасынан тапкан; 3) эң байыркысы – Наманган (Фергана) нускасы, 12-к-дын аягы – 13-к-дын башында араб тамгасына көчүрүлгөн. Аны А. З. Валидов 1918-ж. Мухаммед Хожа эшен Лоляршиттин өздүк китепканасынан таап алган. 1896-ж. академик В. В. Радлов муну сүрөткө көчүртүп, Петербург академиясынын Азия музейине алдырган. Бул көчүрмө Россия ИАнын Чыгыш таануу ин-тунун Санкт-Петербург бөлүмүндөгү Кол жазмалар фондусунда сакталуу. Убагында 3-нусканын кол жазмасы жоголуп кетип, 1925-ж. өзбек окумуштуусу Фитрат кайрадан таап алып, Өзбекстан ИАнын Кол жазма фондусуна тапшырган. Кыргыз, орус, түрк, немис, англис ж. б. тилдерге которулган. Жалпы көлөмү 13444 сап ж-а кара сөз м-н жазылган чакан кириш сөзү да бар. «К. б-те» акын өз доорундагы коомдун түзүлүшү, социалдык топтордун ээлеген орду, өлкөнү башкаруу, саясат жүргүзүү тууралуу ойлорун айткан ж-а та-

рыхый-этногр., лингв., социол. ж. б. энциклопедиялык маалыматтарды камтыйт.

Чыг.: *Баласагын Жусуп.* Куттуу билим/Т. Козубеков которгон/1988; 1993, Б.

КУТАИ́СИ – Грузиядагы шаар. Риони д-нын боюнда. Калкы 175,7 миң (2007). Т. ж. бекети. Машина куруу (з-ддору: автомобиль, электр-мех., чакан трактор ж. б.), хим., жеңил, тамак-аш ө. ж. ишканалары иштейт. Эки ЖОЖ (а. и. ун-т), үч театр, тарыхый этногр. музей, З. П. Палиашвилинин үй-музейи, сүрөт галереясы бар. Б. з. ч. 6-к-дан белгилүү. Колхида ж-а Имерети падышалыгынын борбору болгон. 1810-ж. Россия империясынын курамына кирген. Баграт храмынын (10–11-к.) калдыктары сакталган.

КУТАН Торгой уулу (1893, Каракол уезди, Ак-Суу болуштугу, Ак-Булуң кыш. – 1961, ө. жери белгисиз) – белгилүү чек арачы. 1918-ж. Караколдогу кызыл гвардиячылардын катарына кирип, 1919-ж. чейин Анненковдун бандалары м-н күрөшкөн. Түн. Кырг-нда совет бийлигин чыңдоого катышып, 1922–40-ж., 1944–46-ж. чек арада кызмат кылган. 1930–36-ж. чек араны бузууларга каршы кошуун уюштуруп, басмачыларды талкалоого катышкан. 1946–47-ж. Ак-Булуң колхозунун башкармасынын төрагасы болуп иштеген.

КУТАНОВ Аскар Асанбекович (19. 3. 1958-ж. т., Фрунзе) – техника илимд. доктору (1993), проф. (2000), КР УИАнын академиги (1997; корр. мүчө, 2000) КРдин Илим ж-а техника жаатында мамл. (2004) ж-а Кырг-н Ленин комсомолу сыйл. (1985) лауреаты. Новосибирск мамл. ун-тин (1980), ФПИнин аспирантурасын (1985) бүтүргөн. ФПИде лабор. башчысы (1985–86), ил. кызматкер; КР УИА ФИде лабор. башчысы (1986–88); Осако ун-тинде (Япония) проф. (1993–95). КРдин Президентине караштуу Башкаруу академиясынын президенти (1997–2004). КРдин Япониядагы элчиси (2004–2008). 2008-жылдан КР УИАда лабор. башчысы. Голография ж-а маалыматты иштеп чыгуу б-ча адис. 100дөн ашык ил. иштин, а. и. 2 ойлоп табуунун автору.



Эмг.: Устранение «морозных» шумов при фототермопластической записи голограмм. Оптика и спектроскопия. СПб., 1991; Оптическая нейронная сеть на основе голографического фототермопластического диска. 1991; Голографический диск с термопластической записью для оптической обработки информации. Лондон, 1991.; Информационная и коммуникационная технология для развития в Кыргызской Республике. Б., 2003.

КУТЕЙБА бен Муслим ал-Бахили Абу Хафс (т. ж. б. – 715) – араб аскер кол башчысы. Ирактын бийлөөчүсү Хаджаж ибн Юсуф аны 704-ж. борбору Мерв (азыркы Мары) ш. болгон Хорасан аймагынын наместниги кылып дайындаган. К. *ислам* динин кабыл алган. Фарсылар м-н Аму д-нын оң жээгиндеги түрктөрдүн көп жылдык кагылышууларынан пайдаланып, 705-ж. Балхты (азыркы Афганстандагы Мазари-Шариф ш.), 706–09-ж. Букар ш-н, 710–12-ж. Самарканд ж-а Хорезмди, 712-ж. Фергананы басып алган. 713-ж. Кашкарды каратуу, 715-ж. Омейяддардын халифи Сулайман бен Абдал-Маликти багындыруу аракеттери ишке ашпастан, каршылаштары тарабынан 715-ж. өлтүрүлгөн.

Ад.: История ат-Табари. Т. [illegible] 1987.

Э. Турганбаев.

КУТИ́КУЛА (лат. cuticula – кабык) – жаныбарда эпителий тканынын [illegible]түнөн каптап турган клеткасыз тыгыз түзүлүш. Омурткасыз жандыкта бир катмарлуу каптагыч эпителий – гиподермадан пайда болот да, негизинен коргонуу ж-а таяныч кызматын аткарат. Муунак буттууларда катып калып, өсүү мезгилинде түлөп түшөт. К-нын курамына минерал заттар, белоктор, хитин ж-а суу өткөрбөгөн липиддер кирет. Кабырчыктар, чачтар, кылдар, калкандар К-дан келип чыккан. К-да ферменттердин болушу кээ бир ички органдардын ишине жардам берет. Өсүмдүк К-сы – жер үстүндөгү бөлүгүнүн бардыгын (жалбырак, бутак, жемишин ж. б.) каптап турган май сымал катмар – кутин. Ал өсүмдүккө зыян келтире турган сырткы таасирден сактайт. Кутин эпидермис клеткалары м-н синтезделип сыртка чыгат. К. м-н кутиндин комплекси целлюлозага кирип, пектин, кутин, мом ж. б. м-н бирдикте катмарлуу түзүлүштү пайда кылат.

КУТМАНАЛИЕВ Ажыке Ашубаевич [16. 9. 1919, Пишпек уезди (азыркы Чүй р-ну), Он-Бир-Жылга кыштагы – 25. 9. 1981, Бишкек] – милициянын генерал-майору (1970). Токмок ш-ндагы жумушчулар ф-тин (1938), Фрунзе а. ч. ин-тун (1942), СССР мамл. коопсуздук министрлигинин Ленинграддагы мектебин бүткөн. 1943–44-ж. Кыргыз ССР ИИМдин Ош обл. башкармалыгынын 2-бөлүмүнүн оперуполномочени, 1944–46-ж. ж-а 1947–49-ж. Кыргыз ССР мамл. коопсуздук к-тинин 2-бөлүмүнүн оперуполномочени, 1946–47-ж. Кыргыз ССР тышкы иштер министринин орун басарынын жардамчысы, 1952–53-ж. Кыргыз ССР мамл. коопсуздук министринин орун басары, 1953–61-ж. Ош обл. ички иштер ж-а мамл. коопсуздук к-тинин башкармасынын начальниги, 1961–67-ж. Кыргыз ССР мамл. коопсуздук к-тинин төрагасынын 1-орун басары, 1967–75-ж. Кыргыз ССР ички иштер министринин 1-орун басары, 1975–81-ж. Ысык-Көл обл. ички иштер башкармалыгынын начальниги болуп иштеген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин (5-шайланышынын) депутаты. Эки «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.



КУТМАНАЛИЕВ Орозбек (10. 5. 1932, Чүй обл., Сокулук р-ну, Шалта айылы – 4. 1. 2005, ошол эле жер) – кино ж-а театр артисти, төкмө акын, режиссёр, дастанчы. КРдин эл арт. (1992). КМУнун тарых ф-тин бүтүргөн (1971). Эмгек [illegible]лун 1955-ж. Респ. куурчы театрында артист болуп [illegible]таган. 1965-жылдан Т. [illegible]ылганов атн. Кыргыз м[illegible]. филармониясында со[illegible]т, 1969-ж. Кыргыз ССРи[illegible] телекөрсөтүү ж-а радиоуктуруу мамл. к-тинде режиссёр-диктор, 1974-жылдан «Кыргызфильм» киностудиясында дубляж б-ча режиссёр, 1992-жылдан «Салам-Алик» кинофирмасында кеңешчи. Ал *Осмонкул*, Ы. *Борончиев*, А. *Айталиев*, Т. *Тыныбеков* өндүү кыргыз акындарынан таалим алган. Төкмөлүк салтты улантып, айтыш өнөрүнүн өнүгүшүндө да өз орду бар. «Ак Мөөр», «Карагул ботом», «Курманбек» дастандарын, *Жеңижок*, *Осмонкул*, Б. *Алыкулов*, Ысмайыл ж. б. акындардын термелерин, ырларын комузда өзү коштоп, чебер аткарган. «Жүрөктү жүрөм дарылап», «Айдай кыз» (сөзү К. Алмазбековдуку), «Кыйнабай жүрчү» (өзүнүкү), «Гүлдесте» (З. Иманалиев) ж. б. ырларга обон чыгарган. Көркөм окуунун да чебери болгон. Отуздан ашык киного тартылган. Бектемир, Орозкул, Арзымат, Бейшембек (Б. Шамшиев, «Сүйүү жаңырыгы», 1974; «Ак кеме», 1975; «Фудзиямадагы кадыр түн», 1988; «Эрте жаздагы турналар», 1979; «Бөрү зындан», 1983), Сабырбек (Ю. Борецкий, «Ак куулар конгон айдың көл», 1972), Асанбек, Мыкаачы (Д. Садырбаев, «Түркүн тагдырлар», 1977; «Кайран эл», 1991) Кубат (Б. Шамшиев, А. Сүйүндүков, «Эл арасында», 1978), Кулан, Жарчы (Т. Океев, «Отко таазим», 1971; «Ак илбирстин тукуму», 1984) ж. б. каармандардын кайталангыс образдарын жаратуу м-н кыргыз кино өнөрүнө зор салым кошкон. Медалдар м-н сыйланган.





О. Кутманалиев – Орозкул, «Ак кеме» фильминен көрүнүш.

КУТМАНБЕКОВ Абдрасул [1938-ж. т., Талас обл., Ленинполь (азыркы Бакай-Ата) р-ну, 1-май айылы] – медицина илимд. доктору (2002). КРдин эмг. сиң. врачы (2000). КММИни (1965), ошол эле жерде аспирантураны (1974) бүтүргөн. Райондук ооруканада фельдшер, Кызыл-Кыя ш-нда мед. окуу жайда мугалим, Бишкектеги №2 ШКОдо хирург-врач, КММАда ассистент, доцент болуп иштеген. Кыргыз УХБда сектор башчы, 2000-жылдан улук ил. кызматкер. 70тен ашык ил. эмгеги, а. и. 1 монография, 4 окуу-усулдук колдонмосу бар.

Эмг.: Комплексное определение метода и срока лечения гастродуоденальных кровотечениях язвенной этиологии. Б., 1999; Степень обсемененности толстого кишечника в послеоперационном периоде у больных с осложненными формами язвенной болезни желудка и двенадцатиперстной кишки. Б., 2001.

КУТМАН-КӨЛ – Бабаш-Ата кырка тоосунун түн. капталындагы көл. Дениз деңг. 2837 *м* бийикте жатат. Уз. 1,5 *км*, туурасы 600 *м*, аянты 0,1 *км*². Бөгөт көлдөрүнүн тибине кирет. Көл чөйчөгү жайгашкан өрөөнчөнүн капталдары тик. Андан Кара-Суунун сол куймасы – Каракол суусу агып чыгат. Көл жаан-чачын, кар сууларынан толукталат.

КУТМАНОВА Айнура Зарылбековна (6. 07. 1962-ж. т., Ош ш.) – медицина илимд. доктору (2002). КММИни (1985), ошол эле жерде клиникалык ординатураны (1987), И. П. Павлов атн. Ленинград мед. ин-ттун аспирантурасын (1991) бүтүргөн. 1991-жылдан КММАда ассистент, 1994-жылдан жугуштуу оорулар кафедрасынын доценти, 2005-жылдан кафедра башчысы. Негизги эмгектери вирустуу гепатитке, бруцеллёзго ж. б. жугуштуу ооруларга арналган. 100дөн ашык ил. эмгеги, а. и. 1 монографиясы ж. б. бар.

Эмг.: Методические указания по диагностике и лечению вирусных гепатитов (в соавторстве). Б., 1994.

КУТТУБАЕВ Аманкул (20. 5. 1907, азыркы Чүй обл., Сокулук р-ну, Белек айылы – 18. 6. 1984, Фрунзе) – режиссёр, актёр, Кыргыз ССР эл арт. (1946), Кыргыз ССР Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты (1970). Москвадагы Луначарский атн. театр ин-тунун режиссёрдук ф-тинде окуган (1935–41). Чыглык жолун 1926-ж. Бишкек ш-нда ачылган муз. драма студиясынан баштаган. Алымкулдун (1927, Н. Еленин, «Козголоң» «Кожо Насирдин»), Карабайдын (1929, Фурманов, Поливанов) ж. б. ролдорду аткарган. 1930-ж. К. Жантөшевдин «Алым менен Мария» драмасын коюп, кыргыз театр өнөрүнүн тарыхында туңгуч режиссёр катары таанылган. К. 1930-ж. ачылган Кыргыз мамл. драма театрынын режиссёру, 1931-жылдан башкы режис-



сёру болуп иштеген. Т. Байжиевдин «Кырманда» (1931), Р. Шүкүрбековдун «Бейит арасында» (1934), өзүнүн «Колхоз душмандары» (1938), «Жаныл» (К. Маликов м-н бирге) драмаларын койгон. К-дин режиссёрдук дараметин таанытканЖ. Турусбековдун «Ажал ордуна» (1934) муз. драмасы болгон. 1939-жылдан Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрында коркөм жетекчи, башкы режиссёр, 1952–63-ж. анын директору ж-а режиссёру болгон. «Майсарынын жоруктары» (С. Юдаков), «Кармен» (Ж. Бизе), «Патриоттор», «Манас» (А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере), «Көкүл» (М. Раухвергер), «Айдар жана Айша» (А. Аманбаев, С. Германов), «Токтогул» (А. Веприк) операларын, «Ким кантти» (М. Абдраев, А. Аманбаев, А. Малдыбаев, А. Түлөев)



Шермат – А. Куттубаев, Дүрия – Д. Күйүкова. Т. Абдумомунов. «Жыгылган оогонго күлөт» спектаклинен көрүнүш. 1969.

муз. комедиясын, «Биз баягы эмеспиз» (К. Маликов, А. Куттубаев) драмасын койгон. Ленин ордени, эки Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

Ад.: *Кумушалиев К. А.* Куттубаев. Ф., 1958.

КУТТУБАЕВ Асанкул [1914 (1912), Сокулук р-ну, Белек айылы – 3. 12. 2002, Бишкек] – кино ж-а театр артисти, КРдин эмг. сиң. арт. (1962). Чыг-лык жолун 1936-ж. Кыргыз мамл. театрында баштаган. 1938–42-ж. Кыргыз музыкалуу драма театрында (азыркы А. Малдыбаев атн. Кыргыз улуттук акад. опера ж-а балет театры), 1942–58-ж. Кыргыз драма театрында, 1958–88-ж. Нарын обл. муз. драма театрында иштеген. Театрда аткарган негизги ролдору: Калыбек (либреттосу Ж. Бөкөнбаевдики, «Алтын кыз»), Тейитбек (К. Жантөшев, «Курманбек»), Мамалак (К. Жантөшев, «Ким кантти»), Белли (У. Гажибеков, «Аршин мал алан») ж. б. Кыргыз ад-ты м-н иск-восунун 1939-ж. Москвада өткөн 1-он күндүгүнө Калыбек ырчынын ролу м-н катышкан. 1972-ж. «Эски тегирмен» фильминде башкы ролду ойноп, озүн чебер кино ак-



А. Куттубаев – Момун. «Ак кеме» фильминен көрүнүш, 1975.

тёр катары көрсөткөн. [illegible]кун (Ч. Айтматов, Б. Шамшиев, «Ак кеме», «[illegible]ргызфильм»), Майрамовдун атасы (Т. Океев, «Улан», «Кыргызфильм»), Бердиев («Фонтан», «Ленфильм»), Шаубай (Б. Омаров, «Ай астындагы үй», «Казакфильм») ж. б. каармандардын эсте каларлык образдарын жараткан. Медалдар м-н сыйланган.

КУТТУБАЕВ Өмүрбек Ташибекович (10. 5. 1956-ж. т., Нарын обл., Кочкор р-ну, Кочкор айылы) – медицина илимд. доктору (2000), проф. (2003) КММИни (1978), СССР МИАнын мед. генетика ин-тунун аспирантурасын (1982) бүтүргөн. 1982-жылдан КММИде ассистент, улук окутуучу, доцент, 1995-жылдан КММАда кафедра башчысы болуп эмгектенет. Мед. генетика, патофизиология ж-а паразитология б-ча адис. 120га жакын ил. эмгеги, а. и. 3 монографиясы бар.

Эмг.: Некоторые способы отбора людей, направляемых в горы // «Адаптация организма к природным и экосоциальным условиям среды» (в соавторстве). Б., 1998; Высокогорная гипоксия. Б., 1999.

КУТТУБАЕВА Анвар (1915, азыркы Нарын обл., Кочкор р-ну, Ак-Кудук айылы – 7. 5. 1977, Фрунзе) – ырчы (сопрано), драма артисти. Кыргыз ССР эл арт. (1939). Фрунзе педтехникумунда окуп жүргөндө актёрдук чыг-лыгын андагы драма ийримине катышуу м-н баштаган. 1929-ж. кыргыз театр студиясына кирген. Настянын (А. Островский, «Жок жерден табылган алтын»), Карачачтын (К. Жантөшев, «Карачач»), Айшанын (Р. Шүкүрбеков, «Жапалак Жатпасов») ж. б. ролдорун аткарган. К. муз. драма спектаклдеринде ж-а операларда Зулайканын (Ж. Турусбеков, «Ажал ордуна»), Чынардын (Ж. Бөкөнбаев, «Алтын кыз»), Чолпондун (М. Раухвергер, «Көкүл»), Калыймандын (А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере, «Айчүрөк») партияларын аткаруу м-н ийгиликке жетишкен. «Кимге айтам», «Күнотай», «Селкиге» аттуу элдик ырлар м-н бирге А. Малдыбаевдин, А. Темировдун, Ж. Шералиевдин чыгармаларын да аткар-





А. Куттубаева – Чынар. Ж. Бөкөнбаевдин «Алтын кыз» музыкалык драмасынан көрүнүш. 1938.

ган. [illegible]-ж. Москвада өткөн кыргыз иск-восунун о[illegible]ндүгүнө катышып, мамл. эң жогорку наам[illegible]катыктуу болгон. 1945-жылдан Кыргыз мамл. филармониясында иштеп, бий ансамблин жетектеген. 1952-жылдан Кыргыз мамл. драма театрында иштеген. К. ар кыл ролдорду да чебер аткарган: Анна Павлова (К. Крапива, «Акырында күлгөндүн арманы жок»), Калбүбү (Т. Абдумомунов, «Атабектин кызы»), Феклуша (А. Островский, «Добул») ж. б. Ленин, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: *Жумабаев Б.* Анвар Куттубаева. Ф., 1958.

КУТТУБАЕВА Клара Бейшеновна (2. 8.1956-ж. т., Фрунзе) – медицина илимд. доктору (2002). КММИни (1978), Москвадагы Борб. стоматология ИИИнин аспирантурасын (1983) бүтүргөн. 1983–2003-ж. КММИде ассистент, доцент. 2003-жылдан КММАда проф., декан болуп иштейт. Стоматология б-ча адис. 90дон ашык ил. эмгеги, а. и. 2 монографиясы, 3 патенти бар.

Эмг.: Хронический генерализованный пародонтит. Патогенетические аспекты терапии и профилактики. Б., 2001.

КУТТУУ-САЙ (КУТЕ-САЙ) II СЕЙРЕК МЕТАЛЛДАР КЕНИ Чүй обл-нун Кемин р-нунда, Таза-Кемин тоо кыркасында, Куттуу-Сай суусунун оң жээгинде, Кемин шаарчасынан 43 *км* түн.-чыгышта, Ак-Түз шаарчасынын жанында, деңиз деңг. 2520 *м* бийикте. 1952–59-ж. чалгындалып, запасы бекитилген. Кен протерозойдун аягындагы жашыл түстүү сланецтердин жиреп өткөн пермь мезгилинин аягындагы шток сымал гранофир тулкусунда жайгашкан. Кенде сейрек учуроочу элементтердин 8 тиби болүнгөн: кварц-хлориттүү, кварц-серициттүү кызгылт гранофир, кварц-мусковиттүү, биотиттүү роговик; брекчийленген сланецтер; селениттүү метасоматиттер, кварцталган тоо тектер. Булардын ичинен биринчи үч тиби сейрек учуроочу металлдар запасынын 80%ин берет. Кендин базасында 1958-жылдан бери Кыргыз тоо-металлургия комбинаты иштеп, 1990-ж. чейин СССРдин сейрек учуроочу металлдарга болгон муктаждыгын канааттандырып турган. 1996-жылдан Өкмөттүн чечими м-н казып алуу иштери убактылуу токтотулган. Сейрек учуроочу металлдардын (церий ж-а иттрий топтору) кенташтагы өлчөмү 0,22–0,27%. Негизги минералдары: иттрий-синхизит, иттрий-паризит, лопарит, монацит, поликраз, иттриалит, перовскит. Эксплуатация башталгандан тартып (1958–91-ж.), 5454,4 миң *т* кенташ казылып, 22109,5 *т* сейрек учуроочу металлдардын кычкылы болүнүп алынган. 1996-жылга карата калган кенташтын запасы $B+C_1$ категориясы б-ча 16763 мин *т*, C_2 – 4465 мин *т*, сейрек учуроочу металлдар кычкылынын запасы $B+C_1$ – 44300 *т*, C_2 – 7200 *т*. Танталдын өлчөмү 0,012%, болжолдуу ресурсу 2586 *т*.

КУТУЕВ Өмүрбек Алымбекович (17. 1. 1951-ж. т., Чүй обл., Аламүдүн р-ну, Байгелди кыш.) – милициянын генерал-лейтенанты (1998). Бишкектеги милициянын атайын орто мектебин (1974), СССР ИИМдин Караганды жогорку мектебин (1980) бүткөн. 1969–70-ж. ички иштер органдарында кызматта, 1972–74-ж. Кыргыз ИИМдин өрттөн сактоо башкармалыгында инспектор, 1974–81-ж. Бишкек ш-нын Октябрь р-ндук ички иштер болүмүндө участкалык милиционер, кылмыш издөө болүмүндө инспектор,



улук инспектор, 1981–91-ж. Бишкек ш-нын, Свердлов, Ленин р-ндук ички иштер болүмдөрүндө начальниктин орун басары, начальник, Сокулук р-ндук ички иштер болүмүнүн, Бишкек ш-дык ички иштер башкармалыгында болүмдүн начальниги, 1991–93-ж. КР ИИМдин Кылмыш издөө болүмүнүн, 1993–96-ж. Бишкек ш-дык ички иштер башкармалыгынын начальниги, 1996–2000-ж. КРдин ички иштер министри, 2000–03-ж. Бишкек ш-нын прокурору болуп иштеген.

КУТУЕВ Мухамедий Дадиевич (1949-ж. т., Ысык-Көл обл., Жети-Өгүз р-ну, Барскон айылы) – техника илимд. доктору (1994), проф. (1996). ФПИни (1971), ошол эле ин-ттун аспирантурасын (1978) бүтүргөн. Ошол эле жерде ассистент, окутуучу, ага окутуучу, доцент, кафедра башчысы, проф. 1995-жылдан КМКТАУда кафедра башчысы. Курулуш механикасы б-ча адис. 140тан ашык ил. иштин, а. и. 3 монография, 6 окуу куралынын, 20 окуу-методикалык куралдын автору.

Эмг.: Прогнозирование надёжности строительных конструкций. Б., 1995; Полуфункциональные модели тонкостенных пространственных систем. Б., 1995; Теоретические основы надёжности строительных конструкций. Б., 1995; Оптимальное управление распределением внутренних усилий строительных конструкций. Б., 1999; Курс строительной механики. Б., 2001.



КУТУ́ЗОВ, Голенищев-Кутузов Михаил Илларионович [5 (16). 9. 1747, Санкт-Петербург – 16 (28). 4. 1813, Польша, Бунцлау, азыркы Болеславец, сөөгү Петербургдагы Казан соборуна коюлган] – граф (1811), улуу князь (1812), орус мамл. ж-а аскер ишмери, кол башчы ж-а дипломат, генерал-фельдмаршал (1812). 1761-ж. Дворяндык артиллериялык-инж. мектепти бүткөн. 1762-ж. Астрахандагы жөө аскер полкунда рота командири. Орус-түрк согушунда (1768–74) бир катар салгылаштарга катышкан. Рябая Могила, Ларг (1770), Кагуль (1770) ж-а Попешты алдындагы салгылаштарда согуштук жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн. 1774-ж. Шума кыш-на (азыркы Кутузовка) жакын Алуш алдындагы салгылашта оор жарадар (оң көзүнөн ажыраган) болгон. 1777-жылдан Крымда ж-а түш. чек араларда Суворовдун кол алдында кызмат өтөгөн. 1784-ж. генерал-майор аскер наамы берилген. 1785-жылдан Буг егер корпусунда командачы. 1790-ж. декабрда 6-колоннага командалык кылган ж-а Измаилди штурмалоого, Бабадаг м-н Мачидеги салгылаштарга (1791) катышкан. К. 1792–94-ж. Константинополдо атайын орус элчилигин башкарган. 1797-жылдын аягынан финляндиялык инспекциянын инфантерия инспектору ж-а Рязань мушкетёрлор полкунун башчысы. 1799–1801-ж. Литванын, 1801–02-ж. Петербургдун аскер губернатору. Орус-австрия-француз согушунда (1805) орус армиясынын башкы командачысы. 1806–12-ж-дагы орус-түрк согушунда Молдавия армиясынын башкы командачысы. Ата Мекендик согуштун (1812) башталышында К. Петербург, кийин Москва ополчениесинин начальниги, орус армиясы Смоленскини алдыргандан кийин (8-августтан) башкы командачы. Бородино салгылашынан кийин К. армияны сактоо үчүн Москваны душманга каршылыксыз калтырып, Тарутин лагеринде күч топтоп, партизан кыймылын уюштурган ж-а душманды Москвадан чегиндирип, согуш убагында бөлүнгөн Смоленск тарабы м-н кууп жөнөгөн. Баскынчыларды Березина д-нда биротоло талкалагандыгы үчүн Смоленск князы деген наам берилип, фамилиясына Смоленский деген титул кошулган. 1-даражадагы Георгий (1812; алгачкы толук Георгий кавалери), 4- (1775), 3- (1791), 2- (1792) даражалардагы Ыйык Георгий, Ыйык Андрей Первозванный (1800), 1-даражадагы Ыйык Владимир (1806), Ыйык Александр Невский ордендери м-н сыйланган. К-го С.-Петербургда (1837; Б. И. Орловскийдин долбоору б-ча) ж-а Москвада (1973; Томский ж. б. долбоору б-ча) эстеликтер тургузулган. Анын ысмынан Улуу Ата Мекендик согушта (1941–45) 1-, 2- ж-а 3-даражадагы Кутузов ордендери чыгарылган.

Ад.: *Коробков Н. М.* Кутузов. М., 1943; М. И. Кутузов. Сб. документов. Т. 1–5. М., 1950–56; Полководец Кутузов. Сб. ст., М., 1955; *Гуляев Ю. Н., Соглаев В. Т.* Фельдмаршал Кутузов: Историко-биографический очерк. М., 1995; *[illegible]шов А. В.* Неизвестный Кутузов. М., 2002; [illegible] Кутузов. Фельдмаршал Великой империи. М., [illegible]6.

КУТУКЕЕВ Кубаталы (18[illegible] Нарын обл., Ак-Талаа р-ну, Ак-Кыя айылы [illegible]82, ошол жер) – малчы, [illegible]. Эмг. Баатыры (1948). [illegible]СР мал чарбасынын от[illegible]ниги. Нарын облнун Ак-[illegible]лаа р-нундагы «Ак-Кыя» колхозунун ферма башчысы (1942–60). Мал чарбасын өнүктүрүүдө чоң ийгиликтерге жетишкен. 1951–59-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Ленин, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.



КУТУ-КӨЧҮН БААТЫР, Хуту-Коцин-Батур – *Жуңгар хандыгын* негиздөөчүлөрдүн бири, к. *Эрдене Баатыр коңтаажы.*

КУТУРГАН – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Зергер айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1245 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 26 *км* түн.-чыгыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 76 *км*. Калкы 1981 (2009); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар.

КУТУРГАН КУМ КЕНИ Ысык-Көл обл-нун Түп р-нунда, Күрмөнтү кыш-нан 13 *км* түш.-батышта, деңиз деңг. 1620 *м* бийикте. 1961-ж. Чүй комплекстүү геол. экспедициясы чалгындаган. Калыңдыгы 0,5 *м* келген шагыл ж-а жумуру майда таш кабатчалар бар. Мында бозомук-кызгылт түстөгү, таза жуулган көл куму кен аймагын түзөт. Кумдун орт. калыңдыгы 2,25 *м*. Гранулометриялык курамы: 10 *мм*ден ириси – 0,59%, 5 *мм* – 1,61%, 2,5 *мм* – 8,64%, 1,25 *мм* – 13,97%, 0,6 *мм* – 37,85%, 0,3 *мм* – 28,54%, 0,14 *мм* – 9,78%, 0,14 *мм*ден майдасы – 1,5%. Орт. кесектик модулу 2,79. Чаң м-н чопо бүртүкчөлөрү 0,9%ти түзөт. Кум ар түрдүү маркадагы бетонду даярдоого ж-а курулуш ылайын жасоого жарамдуу. Запасы А категориясы б-ча 384 миң $м^3$, В – 709 миң $м^3$, C_1 – 2577 миң $м^3$.

КУТУРГУ – Ысык-Көл обл-нун Түп р-нундагы кыштак. Кутургу айыл округуна караштуу. Ысык-Көл өрөөнүнүн түн.-чыгышында, Түп булуңунун түн. жээгинде, Балыкчы – Каракол автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1650 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Түп кыш-нан 15 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 176 *км*. Кыштак 1911-ж. негизделген. Калкы 1687 (2009); негизинен мал чарбасы м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, мад-т үйү, оорукана, дарыкана бар. Турмуштиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү иштейт.

КУТУРГУ КОЛТУГУ – Ысык-Көлдөгү Түп булуңунун түн. жээгиндеги булуңча. Кутургу кыш-нан 0,[illegible] *км* аралыкта жайгашкан. Голоценде Ысык-Көлдүн деңгээли көтөрүлүп, Кутургу суусу ж-а [illegible]ын оң куймасы өрөөндү каптап калуусунан [illegible]йда болгон. Туурасы кире беришинде 320 *м*[illegible] терең жери 15 *м*. Түндүктөн түштүккө 650 *м*[illegible] батыштан чыгышка 800 *м*ге созулат. Тама[illegible]ндагы күкүрттүү суутек жыттанган кара батк[illegible]а хара балыры текши өсөт. Чыгыш жээги [illegible]айроондуу; суу бетине кальций карбонаты м-н камдашкан конгломерат тектери чыгып жатат. Батыш буйткасынын жээги өтө терең. К. к. шамал ж-а толкундан ыктоо жайгашкандыктан, кеме токтоого ыңгайлуу жай. Батыш жээгинин ооз тарабындагы тумшуктан 250 *м* аралыкта кеме багыттоочу маяк орнотулган.

КУТУРМА – кишиде ж-а жаныбарда вирус пайда кылып, нерв системасын катуу жабыркатуучу жугуштуу оору же ылаң. Кишиге оорулуу жаныбар тиштегенде, о. эле тытылган териге, оозго, көзгө шилекей чачыраганда да жугат. Организмге кирген вирус нерв талчалары м-н мээге, жүлүнгө барып сезгендирет. Адамда жашыруун мезгили көбүнчө 1–3 айга, кээде 10 күндөн бир жылга чейин созулуп, оорунун алгачкы белгилери тиштелген жерде башталат. Ал жер кычышып, сыздап ооруйт, тырык сезгенет. Кишинин оозу кургап, башы ооруйт, тамак ичкиси келбей, элеңдеп, чочулап, туталанып, уйкусу качат. Мындай абал 1–3 күнгө созулат. Андан ары оорулуу өтө сезгич, коркок болот, сууну көргөндө же ичүүгө аракет кылганда катуу коркуп, калтырап демигет. Аны шамал да күчөтөт. Жарык, катуу добуш, жөтөл, оорулууну кармалоо ж. б. да тездетет. Оорулуу тердейт, шилекейин жута албагандыктан, агып турат. Дарылоо натыйжа бербейт. Оору өтө күчөгөндө, дем алуу органдары шал болуп, жүрөк, дем алуу токтоп, оорулуу өлөт. Алдын алуу үчүн К-га каршы эмдөө жүргүзүлөт. Ит капканда же башка айбандан жабыркаганда, ошол замат врачка кайрылуу керек. М а л д а – катуу кармоочу жугуштуу ылаң; борб. нерв системасын бузат. К-га бардык сүт эмүүчүлөр, куштар чалдыгат. Ылаңдаган мал өлөт. К. бардык өлкөлөрдө бар. Ылаңдуу малда вирус мээде же жүлүндө, кээде ири нерв түйүндөрүндө, канда пайда болот. К. ылаңдаган ит, жапайы айбанат негизинен түлкү, чөө, карышкыр тиштегенде алардын шилекейи аркылуу жугат. Вирус иттин шилекейинде 15 күнгө чейин жашайт. Жашыруун мезгили 1–2 ай, кээде 6 айга чейин созулат. К. ылаңы итте 2–11, уй м-н жылкыда 4–6, чочкодо 2–4 күнгө созулат. Ылаңдын белгилери: мал алсырап, тынчы кетет, көрүнгөндү тиштеп, топурак, булганч чөп-чар, чүпүрөк ж. б. нерселерди жей баштайт; тамагынан суу өтпөй, шилекейи куюлат; качып кетүүгө аракет кылат ж. б. Алдын алуу чаралары: жолбун ит, эзсиз мышыктарды жок кылуу; итти байлоо; малды карышкыр, түлкү ж. б. жырткыч айбанаттардын кол салуусунан сактоо. К. айыкпай турган ылаң, ошондуктан К. болгон малды жок кылуу зарыл.

КУУГАНДЫ – Талас р-нундагы кыштак. Кууганды айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1650 *м* бийиктикте жайгашкан. Райондун борбору Көк-Ой кыш-нан 45 *км*. Жамбыл т. ж. бекетинен 145 *км*. Калкы 2341 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб бар. Дарыкана, ФАП иштейт.

КУУДУЛ – 1) сатиралык чыгармаларды жараткан же аткарган, жүрүш-турушу, кыймыл-аракети м-н элди күлдүргөн өнөрпоз; 2) күлкүлүү ролдорду аткаруучу актёр; театр амплуасы. Куудулдук – сейрек талант. Алар бирөөлөрдү туурайт, анекдот айткан, маскарапоздук кылат, тамаша сөз м-н азилдешет, аскиялашат ж. б. Алардын кебине жорго сөз, апыртуу, литота мүнөздүү, ошону м-н бирге алар өз мезгилиндеги социалдык маселелерди да козгойт. Мис., Шаршен Термечиков ач көздүктү, тойбостукту куду ошол адам кейиптенип, бети-башын кыймылдатып туурап, өзүнүн атынан (биринчи жактан) ангеме кылып айткан: «Менин абдан курсагым ачканда ичерим: арпа жармадан алты жарым аяк, конок көжөдөн жети аяк, кээде жети жарым аяк ичип жиберемин. Нанга деле ошондоймун, Боорсок м-н казанга жапкан нандан болжой элекмин. Көмөч казан деген нандан төрттү же төрт жарымды араң түгөтөм». Кыргыз элинен таланттуу К-дар көп чыккан. Бирок көпчүлүгү ж-дө уламыш, аңыз сөздөр гана айтылып калган. Көптөрүнүн куудулдук окуялары авторлугун жоготуп, элдик оозеки чыглыкка синип, элдик мураска айланган. Ошентсе да, 19-к-дын аягы 20-к-дын башында жашаган Жоошбай (1840–1919), Көкөтөй (1849–1916), Карачунак (1862–1933), Куйручук (1866–1940), Бекназар (1884–1953), Сары учук (1858–1943), Шаршен (1896–1942), Айдараалы Бейшүкүров (Айдараалы Жөргөлөк, 1851–1943) ж-а Бошкой, Эшкожо, Ордобай, Кочкорбай, Куйручук сыяктуу куудул-өнөрпоздор элдин эсинде сакталып калды. Кийинки К-дар Асанкул, К. Ниязов, К. Абылов, Ж. Алыкулов, А. Иманкулов, Р. Разыков, М. Бердибеков ж. б. белгилүү.

Ад.: Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. Ф., 1988.

КУУ ЖЕРЛЕР — тоо этектериндеги же жапыз бөксө тоолуу аймактардагы (кээде орто бийик

ж-а бийик тоолордо кездешет) кокту-колоттор, жарлар м-н баш аламан тилмеленген, аң-дөңдүү, рельефи татаал жайдак жерлер. Кыртышы суу өткөрбөөчү чополуу, кумайлуу тектерден турган мындай жерлерге жаан-чачын нөшөрлөп жааганда, жердин үстүнкү бетин жууй берип, кокту-колот, жарларга айлантып жиберет. Мындай жерлерге чөп аз чыгат. Көбүнчө жарым чөлдүү ж-а тоо арасындагы каксоо жерлерде көп кездешет. Кырг-нда Ат-Башы, Ысык-Көл (батышы), Нарын (Байгөнчөк, Ак-Тал) ойдуңдарында, Фергана ойдуңунун өндүрлөрүндө кездешет. Мындай жерлер эл аралык ад-ттарда *чап, бедленд* деп аталат.

КУУ-МАЙДАН – Ош обл-нун Ноокат р-нундагы кыштак. Кеңеш айыл округуна караштуу. Шаңкол суусунун боюнда, деңиз деңг. 1400 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ноокат ш-нан 15 *км* чыгыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 55 *км*. Калкы 4331 (2009); негизинен дыйкан ж-а мал чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү иштейт. Улуу Ата Мекендик Согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КУУР, т р у б о п р о в о д – 1) териден жасалган, кургап, катып калган, куудураган эски кийим (куур тон, куур шым); 2) суу ж-а газ өткөрүүчү чоң түтүк. Илгерки заманда шаардын, чептин ичиндеги элдин жашоосун камсыз кылуу үчүн сырттан жер алды м-н карапа түтүктөрдү бирине бирин кийиштирип, суу алып келген. Бул термин азыркы адабий тилде түтүк, труба, өткөргүч терминдерине синоним катары колдонулууда.

КУУРДАК – кесек тууралып, майга куурулган эт. К. көбүнчө жаңы союлган малдын ич (жүрөк, боор ж. б.), моюн этинен жасалат. Татымалдар кошулуп, майга куурулган жаш эт өз сөлү м-н бууга демделип бышканы с о л к у л д а к К., майда жандыктардын бооруна ж-а боор этине калемпир, пияз, бүкүлү картошкө ж. б. кошулуп, ж у м ш а г ы р а а к куурулганы б о р п о ш о К., сары же ич майга куурулган кийик эти к а р а К., семиз малдын этин өз майына кууруп, карынга майы м-н кошо куюп, тоңдуруп алса т о ң д у р м а К. деп аталган. Илгери кыргыздар К-ты карынга, мөөнгө, кол чаначка салып, *күл азык* катары сакташкан.



Ад.: *Бөрүбаев Т.* Кыргыз тамак-ашы. Ф., 1976.

КУУРМА ЧАЙ – унду майга кууруп, ага сүт, суу ж-а коюу демделген чай кошуп даярдалган мүнөз тамак. Адегенде койдун сызгырылган куйрук же бөйрөк майына, о. эле сары майга унду (ун ордуна буудай талканды колдонсо да болот) күйгүзбөй, кызарта кууруйт. Адам санына жараша чайнекке чай салып, үстүнө кайнак суу куюп, демдейт. Демделген кезде чамасын сүзүп, кочкул коюу маңызына сүт же каймак кошуп, куурулган унду чалып, туз татытып, казанга же эмаль идишке кайнатан. Бир аз кайнаган соң, оттон чыгарып, татту[illegible]бал, кант, набат) салып аралаштырат. К. [illegible]дик медицинада кубаттандыруучу мүнөз т[illegible] катары колдонулат. *Ы. Кадыров.*

КУУРЧАК – кыздар оюн[illegible] Мурда К-ты кыргыз кыздары өздөрү кол[illegible]асашкан, к. *Чий курчак*. Кичинекей топчу, [illegible]ерек жалпак жыгач же тоголоктогон чүпөрө[illegible]ызыл, сары, күрөң ж. б. түстөгү кездемеге оролуп, ачакей жыгачтын же кош чийдин башына чырмалып, К-тын бети жасалган. Ага туурасынан дагы бир чий же жыгач бекитилип, кол чыгарылгандан кийин тиешелүү кийим кийгизилген. Азыр ар түрдүү К-тар резина, пластмасса ж. б. материалдан жасалып, өндүрүштө даярдалат.

КУУРЧАК ТЕАТРЫ – театр оюнунун далдадагы актёрдун жардамы м-н куурчакты сахнада ойнотуучу өзгөчө түрү. Куурчак кыймылга келтирүүчү механизмдердин системасына жараша марионетка (жип м-н кыймылдоочу), колго кийме, таякчан, мех. ж-а көлөкө куурчактар деп бөлүнөт. К. т-ларына катышуучулар куб,



Репетиция учурунда.

шар, таякча ж. б. шарттуу алынган буюмдар же жан-жаныбар түспөлдүү куурчактар болот. К. т-нын репертуарында сатиралык ж-а баатырдык-патетикалык пландагы чыгармалар көп кездешет. Мындай театр б. з. ч. эле белгилүү болгон. Анын Пульчинелла (Италия), Полишинель (Франция), Петрушка (Россия), Чоң муштум, Палван Качал (О. Азия элдеринде) өндүү каармандары бар. Театр оюнунун бул түрү Кырг-нда да өнүгүүдө, к. *Кыргыз мамлекеттик куурчак театры*.

КУУРЧАКЧА – толук кубулма курт-кумурскалардын жеке өөрчүүсүндөгү личинкадан кийинки стадиясы. Көпчүлүк К. азыктанбайт ж-а кыймылсыз болуп, пилланын ичинде жайгашат. К-да ички кайра куруу ишке ашып, анын натыйжасында алар жетилген жандык – имагого айланат. К-нын тиричилик узактыгы 6–10 күндөн бир нече айга чейин созулат.

КУУТ – төл алуу үчүн тубар мал м-н эркек малды жунташтыруу (качыруу). Тубар мал күүлөгөн мезгилде куудурулат. Малды алгачкы куудуруу орга[illegible] жетилгенде өткөрүлөт, мис., айгыр м-н [illegible]ал 3 жашынан, бука м-н кунажын 15–18, [illegible]р м-н токту 12–18, каман м-н мегежин 10–[illegible]лыгынан үйүрлөштүрүлөт. К-тун эркин, коро[illegible] үйүрдө, класстата, жасалма түрлөрү бар. Мал[illegible] түрүнө, кунардуулугуна, санына, үйүрүнө[illegible]бигый шартка жараша өткөрүлөт. Эркин [illegible]т көбүнчө эт багытындагы уй чарбасында, үйүрдө куудуруу көбүнчө жылкы чарбасында, класстата куудуруу кой чарбачылыгында колдонулат. Кой класска бөлүнүп, аларга тандамал кочкор кошулат.

КУУ УУЛ, К у б а у у л, К у б у л – оозеки санжыра б-ча сол канат урууларынын түпкү атасы. Генеал. уламышта *Долон бийдин* эгиз баласынын бири, *Ак уулдун* түгөйү. Ак уул энесинин оң бөйрөгү, К. у. сол бөйрөгүндө жаткандыктан, ага ылайык бул экөө оң, сол болуп аталып калганы айтылат (к. *Адигине-Тагай, Кыргыз санжырасы*). К. у. негизинен *чоң багыш*, каратал деген эки урууга ажырап, караталдан *кытай, мундуз, жетиген, тобой, басыз, кушчу, саруулар* тарайт. *Мажму ат-Таварих* б-ча Ак уул Аналхактын Лур хан деген, К. у. Лур бузурук деген уулунун тукуму же Ак уул экөө 18–20 атадан кийин кошулуп, К. у-дун Басыз, *Лалым Кушчу*, Ай-Баш Мундуз, Чоң Багыш, Саруу, Сунжек Хытай деген 6 баласы болуп, өз-өзүнчө 6 уруунун негизин түзгөн. Азыркы учурда өзүлөрүн К. у. деп эсептеген уруу топтору негизинен Талас ж-а Чаткал өрөөнү, Фергана тоо кыркаларын этектеп, Какшаал тоолорунун түштүгүндө турушат.

Ад.: *Абрамзон С. М.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1999; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 1. Б., 2003. *Р. Жолдошов.*

КУУЧУ – бакшы, эмчи. Төрөттөн кыйналган аялдардын төрөтүн жеңилдетүү максатында чакырылган. Элдик ишеним б-ча 1-төрөттө аялдын көзүнө албарсты көрүнсө, аны албарсты же кара басты дешкен. Ал жөнөкөй адамдардын көзүнө көрүнбөгөн кереметтүү, зыяндуу жан катары кабыл алынып, К-дан коркот деп эсептешкен. Мындай учурда албарстыны өз көзү м-н көргөн адамды – К-ну чакырышкан. К. келгенде анын атын атабастан «баатыр келди» дешет, анткени, атын албарсты укса, К-нун күчү, кудурети кетип калат. К. үйгө кирип, төрөп жаткан аялды камчы м-н ургулап: кет, чык, ташта! – деп, албарстыны кубалайт. Ишеним б-ча К. өзү келе албаса, анын буюму куучулук милдетти аткарууга жараган. К. элдик иррационалдуу ишенимдердин бир түрү болуп саналган, к. *Албарсты*.

КУЧА – Чыгыш Түркстандагы шаар. Кытай тарыхында «Аньси», араб-фарсы жазма маалыматтарында (Худуд ал-алам мин ал-Машрик ила-л-Магриб) «Кусан» [كيا(k.chan)], Гардизиде «Куча» [كان(k.ja)] деген аталышта кездешет. Хань династиясынын (б. з. ч. 3–1-к.) тушунда К. (Кюцы) өз алдынча ээлик болгон. Б. з. 639-ж. *Батыш Түрк* кагандарынын бири Иби Шаболо Шеху хан өз ордосун Иленин жээгине орнотуп, К. м-н бирге Кара-Шаар, Лобнор ж. б. княздыктарды каратып алган. 646-ж. анын ордун ээлеген Иби Шегуй хан кытай императорунун кызынын колун сураган. Император кызынын калыңына К-ны ж-а Котон, Кашкар ж. б. 5 княздыкты талап кылгандыктан, ал иш жүзүнө ашкан эмес. 843-ж. март-апрель айында кыргыз элчиси (к. *Кыргыз-кытай дипломатиялык алакалары*) Тапу *Алп Солдун* (Та-бу Хэцзу, Чжуву Хэ-со) Тан императорунун кабыл алуусунда болгондугу, о. эле кыргыздардын уйгурларга тиешелүү Хэло өзөнүн, К. (Аньси) ж-а Беш-Балыктагы (Бэйтин) беш уруу элди багындырганы ж-дө маалыматтар кездешет. К. ж-дө араб-фарсы тарыхында «Искендердин анониминде» ж-а *Махмуд Кашгари («Дивани лугат аттүрк»)*, Шараф ад-Дин Йезди («Зафар-Наме»), Абд ар-Раззак Самаркандинин («Матла ас-са Дайн») ж. б. чыгыш авторлорунун эмгектеринде да эскерилет. «Искендердин анониминде» могол (могул, моңол) улусунун (к. *Кыргыздар, Моголстан*) ханы Шам-и Жахандын К-ны (Кусан) каратып алганы айтылат. 17–18-к-да *Цин* династиясынын императорлору Канси (1662–1722), Юнчжэн (1723–35), Цяньлундун (1736–95) мезгилинде К. Кытай мамлекетине караган. К. *Улуу жибек жолунун* боюнда жайгашып, соода-сатык ж. б. жүргүзүүдө маанилүү роль ойногон.

Ад.: Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 2003. Т. 1. *Э. Турганбаев.*

КУЧЕРБАЕВ Асанкул Абдыкадырович (25. 7. 1950-ж. т., Чүй обл., Калинин р-ну, Букара айылы) – медицина илимд. доктору (2002) проф. (2009). КММИни (1979),Бишкек шаардык балдар ооруканасында врач (1979–81), Бишкек шаардык «тез жардам» станциясында врач (1982–84) болуп иштеген. Кыргыз акушерлик ж-а педиатрия ИИИнин аспирантурасын (1986) бүтүргөн. Ошол эле жерде кенже, улук ил. кызматкер болуп иштеген (1984–2012). Педиатрия б-ча адис. 65 тен ашык ил. эмгеги, а. и. 2 монография, 1 патенттин ээси.

Эмг.: Поверхностная архитектоника эритроцитов при железо-дефицитной анемии у детей раннего возраста в условиях высокогория. Киев. 2005.

КУ́ЧЕРОВ РЕАКЦИЯСЫ – ацетиленди ж-а анын туундуларын Hg(II) туздарынын катышуусунда гидраттоо аркылуу, карбонил бирикмелерин алуу: $CH_3{=}CH \xrightarrow{H_2O} [CH_2{=}CH(OH)] \rightarrow$ $\rightarrow CH_3CHO$. 1881-ж. орус химиги М. Т. Кучеров ачкан. К. р. өндүрүштө ацетальдегиддерди алууда ж. б. колдонулат.

КУЧИЯ́К Павел Васильевич [5(17). 3. 1897, Тоолуу Алтай, Куюм кыш. – 2. 7. 1943, ошол эле жер] – алтай акыны, драматург, фольклор жыйноочу, Алтай ад-тын негиздөөчү. Алтай тилиндеги биринчи пьесанын («Күрөш», 1932), биринчи поэманын («Арабачи», 1928, 1933-ж. жарыяланган, алтай аялдарынын оор турмушу ж-дө) автору. К-тын чыгармаларынын негизги темасы – көчмөндөрдүн жашоо-турмушу, Алтайдагы жаңы турмуш, Гражд. ж-а Улуу Ата мекендик согуш. «Темир ат» аңгемеси (1933), «Чейнеш» (1938), «Өтпөйсүң», «Эки гвардиячы» (экөө тең 1941) пьесалары, Даабы Юдаков м-н бирге жазылган «Алтай таңы сөгүлдү» (1934) поэмасы, «Азезил өрөөнү» (1939), «Аза ялан» (1940) повесттери, өмүр баяндык «Ысымы жок» романы (1943, бүтпөй калган) ж. б. чыгармалары бар. Элдик жомокчу Н. У. Улагашевди таап, андан алтай элдик поэзиясынын үлгүлөрүн жазып алып, орус тилине которгон. Алтай профессионал театрынын калыптанышында К-тын пьесаларынын мааниси чоң.

Чыг.: Вечная любовь: стихи, повести, рассказы. Горно-Алтайск, 1997.

Ад.: *Каташ С. С.* П. В. Кучияк: к 100-летию со дня рождения. Горно-Алтайск, 1997.

КУ́ЧМА Леонид Данилович (9. 8. 1938-ж. т., Украина, Чернигов обл., Новгород-Север р-ну, Чайкино кыш.) – Украина мамл. ж-а саясий ишмери, Украина президенти (1994–2005); 1960-ж. Днепропетровск мамл. ун-тин бүткөн. 1960–80-ж. Днепропетровскидеги «Түштүк» конструкторлор бюросунда инженер, улук инженер, жетектөөчү конструктор, башкы конструктордун орун басары, парткомдун секретары, 1980–82-ж. «Түштүк машина жасоочу завод» өндүрүштүк бирикмесинде парткомдун секретары, 1982–86-ж. башкы конструктордун 1-орун басары, 1986–92-ж. «Түштүк машина жасоочу завод» өндүрүштүк бирикмесинде башкы директор, 1992–93-ж. Украинанын премьер-министри, 1993–94-ж. Украина өндүрүүчүлөр ж-а ишкерлер союзунун президенти болуп иштеген. Лениндик (1981), Украина мамл. сыйл. (1993) лауреаты. 1-даражадагы Ата мекенге сиңирген эмгеги үчүн» ордени м-н сыйланган.



Ад.: После майдана. Записки президента, 2005–06. К.; М., 2007.

КУШ ЖҮНҮ, ч а л г ы н д а р – канаттуулардын денесинин үстүнкү көпчүлүк бөлүгүн каптап турган жүн жабуусу. Филогенездик жактан К. ж. сойлоочулардын түрпүсүнөн келип чыккан. К. ж. кылчык чалгындар, жип сымал, мамык жүндөр, тыбыт ж-а кылканча жүн болуп айырмаланат. Ири жүн (чалгын канаттар, куйрук чалгындары ж-а жабуучу чалгындар) өзөктөн ж-а желпүүрдөн турат. Канаттын биринчи манжасына бекиген майда жүндөр канатчаны түзөт, ал канатча чукул бурулууга ж-а конгонго жардам берет. Узун ж-а бекем куйрук жүндөрү учуп баратканда, бурулуу үчүн, жөрмөлөп жүргөн кушта (тоңкулдак, чыйпы[illegible]актар) таяныч катары колдонулат. Куйрук [illegible]ү бирине бири кабатталып жатат да, чыч[illegible]өгүнө бекийт. Кээ бир пингвинде, төө кушт[illegible] арам өрдөктө куйрук жүнү жетилбеген. Кө[illegible]к кушта жапкыч жүн тулку боюн текши к[illegible]байт. Ири жүндүн астында жип сымал ж[illegible]мык жүн болот. Жип сымал жүн абанын а[illegible]ын кабыл алат. Куштун ооз кычыгында к[illegible]чык түктөр болуп, алар сезүү кызматын, ал эми кээ бир кушта (байкуш, чабалекей, карлыгач) учуп баратып жемин кармоого жардам кылат. Канаттуулардын көпчүлүгүнүн жүнүн чычаң безинин майы майлап, алардын серпилгичтигин сактоого жардам берет ж-а суу жугузбайт.

КУШИ́Т ТИЛДЕРИ – Африканын чыгыш ж-а түн.-чыгышындагы семит-хамит уясына (семьясына) кирген тилдердин тобу. Алар 5 топчодон турат: 1) түн. – бедауйе; 2) борб. – агав тилдери; 3) чыгыш – афар-сахо тилдери, галла-сомали (сомали, бони, байсо, рендилле, галла цамай ж. б.), сидам (сидам, хадия, буржи ж. б.), консо-гелеба (консо, гато, гидоле, арборе, гелеба, могогода ж. б.); 4) батыш – омето, каффа ж. б.; 5) түш. иракв, аса ж-а нгомвиа тилдери. К. т. консонантизмге (муун түзө албоочу тыбыштарга) бай. Этиш (жак, сан, түр, чак б-ча) ж-а атооч сөздөрү (сан, түр, жөндөмө ж. б.) өзгөрүлмөлүү келет. Сомали ж-а галла тилдеринин жазмасы бар.

КУШКАНА – мал союлуучу жай. Ал айыл-кыштактан 300–500 *м* алыс салынат. К-да мал союу, ичеги-карын артуу, эт суутуу, тери, жал, куйрук сактоо бөлмөлөрү болот. Мал таза союлуп, каны толук агыш үчүн атайын асмага асышат. Малдын каны жинине аралаштырылбай таза алынып, атайын куурулуп бышырылат да, тоок м-н чочкого жем катары берилет. Малдын териси атайын бөлмөдө туздалат. Мал эти суу м-н таза жуулуп, суутулуучу бөлмөгө жеткирилет. К. к. аймагында өндүрүш жайдан башка ветврач отуруучу бөлмө ж-а мал сарай же бастырма болот.

КУШ КҮЙҮҮ – алгыр куштарды тор м-н кармап алуу ыкмасы. Куш салуу, б. а. алгыр куштар м-н аңчылык кылуу өнөрү өнүккөн элдерде

К. к-нүн ар кандай ыкмасы иштелип чыккан. Кыргызда алгыр куштар байлооч (бактек, ала күү, көгүчкөн ж. б.) байланган тор (куш тор, күймө; бүркүт кармоо үчүн колбоор) жайып кармалган. К. к-нүн мындай ыкмасын саятчылар азыр деле колдонушат.

КУШАН ПАДЫШАЛЫГЫ (кыт. 貴霜王朝 – Гуйшуан) – Борб. Азиянын батышы, түш. ж-а түш.-батышын ээлеген байыркы мамлекет. Б. з. 1–3-к-нда азыркы О. Азия, Афганстан, Пакистан, Түн. Индияны (мүмкүн Синьцзянды да) камтыган. Байыркы дүйнө тарыхында орду зор болгонуна арабастан, К. п. начар изилденген. Негизинен кытай, рим тарыхчыларынын маалыматтар[illegible] эле Баграм, Баглан (Афганстан), Таксил (Пакистан), Хорум (Өзбекстан) ж-а Түн.



Бактрия (Тажикстан) ж. б. аймактарда кездешкен К. п-на тийиштүү археол. табылгаларга (кушан тыйындары ж. б.) караганда К. п. болжол м-н б. з-дын башында же *Грек-Бактрия падышалыгы* кулагандан кийин пайда болгон. Мурда Грек-Бактрия аймагында жашаган майда уруулардын (а. и. кушандар) биригүүсү К. п-нын өзөгүн түзгөн. Кушан тарыхы падышалар – Кужула Кадфиз, анын уулу Вима Кадфиз (Кадфиз II) ж-а эң атактуу Канишканын ысмы м-н байланышкан. К. п. Канишка ж-а анын уулу Хувишканын учурунда гүлдөгөн мамлекетке айланып, Васудеванын тушунда (б. з. ч. 3-к-дын орто чени) начарлаган. 5-к-да К. п-н көчмөн *эфталиттер* басып алган. Түн. Индия, Кытай, *Парфия*, *Римди* байланыштырган *Улуу Жибек жолунун* маанилүү жеринен орун алгандыктан, кол өнөрчүлүк өнүгүп, шаарлар өсүп, сугат тармактары жакшы жолго коюлган.

Ад.: *Гафуров Б. Г.* Таджики. Древнейшая, древняя и средневековая история. М., 1972; *Боровкова Л. А.* Кунганское царство (по древним китайским источникам). М., 2005. *Э. Турганбаев.*

КУШАН ТЫЙЫНДАРЫ – нумизматикада тетрадрахма ж-а обол деп аталып, Кушан мамлекетинин курамына кирген О. Азияда, Афганстанда ж-а Индияда кездешет. Титулдары көргөзүлүп, туруктуу салмакка ээ болгон К. т-на инди, авеста, грек диний мифологиясынын кудайлары түшүрүлгөн. Кийинчерээк пайда болгон алтын стратердин салмагы 8 *г*, эки тарап-



Император Канишка I ж-а Будданын (грек тамгасы б-ча «Боддо») сүрөтү түшүрүлгөн Кушан тыйындары.

туу стратердики 16 *г*ды түзгөн. Кээде чейрек стратерлер чыгарылган. Талас өрөөнүндөгү Кызыл-Адыр айылына жакын жерден жез К. т-н тарых мугалими М. Ф. Тур тапкан.

КУШБЕГИ – О. Азия хандыктарына тийиштүү бийлик мансабы. Болжол м-н о. кылымдарда пайда болуп, алгач *куш таптоо*, аң уулоо сыяктуу хан көңүлүн ачуучу кесип болсо, бара-бара хандын жакын кеңешчиси (16–17-к.), кийин черээк хандан кийинки увазирге тете кызмат (18–19-к.) болуп калган. Бухара хандыгында Башкы кушбегине («Кушбеги-и-Калон») эки киши дайындалып, бири («Кушбеги-и-Боло») башкы министрдин даражасында, экинчиси («Кушбеги-и-Пойон») башкы зекетчинин милдетин аткарган. *Кокон* ж-а Чыгыш Түркстандагы кээ бир хандыктарда да К. бийлик баскычындагы маанилүү кызмат орундарынан болуп эсептелген. *А. Абазбеков.*

КУШ САЛУУ – куш агытып, мергенчилик кылуу, аң уулоо; тапталган алгыр куштарды (бүркүт, ителги, шумкар, ылаачын ж. б.) аңчылыкта пайдалануу. Алгыр куштарды *мүнүшкөр* таптайт. К. с. өнөрү аңчылыктын эң барктуу түрү болгон. К. с. ж-дөгү алгачкы маалымат 5–7-к-га таандык. Кыргыз элиндеги ит агытып, К. с. ж-а аңчылык кылуу өнөрү жаратылышка ж-а жан-жаныбарларга аяр мамиле кылууга үйрөткөн ж-а аны чанда бир адам гана аркалай алган өтө кылдат кесип болгон. Кыргызда анын өзүнчө кесип катары өнүгүшү тарыхый, этногр., археол., тилдик фактылар, маалыматтар м-н



тастыкталат. Куш кыраанынын алпы – *бүркүт*. Анын 65 түрү, айрым маалымат-тарда 40 түрү бар, а. и. төрт берени бөлүнүп турат. Төртөө төрт бөлөк касиетке ээ, төртөө тең карышкыр алат. Калгандары түлкүгө салынуучу бүркүттөр. Бүркүттөн кийинки кыргыздар өтө аздектеген куштардын бири – *ителги*. Кызыл чаар, көк чаар ителгилер тапка бат кирсе, айрымдары (кара шумкар) кара мүртөз келип, тапка көптө кирет. Ителгинин томогосу тартылганда эң оболу жер м-н жер болуп жөнөп, он-он беш кадамдай калганда асманга октой түптүз атып чыгат. Илбээсинге төбөсүнөн тийип, тебет. Бир эле томого тартканда 15–17 тоодакты тээп түшүргөн шумкарлар бар. К. с. атайын кесипчилик ж-а улуттук спорт түрү катары кеңири белгилүү ж-а майрамдарда, салтанаттарда өткөрүлөт.

Р. Айталиев.

КУШ ТАПТОО – *алгыр куштарды* ан уулоого үйрөтүү. Алгыр куштарды тор жайып, тузак тартып, кылтак салып ж-а уядан темир канат кезинде же учар маалында кармап алат. Таптоо кармалган мүнөттөн эле башталат. Балапанга үйдө уя, чоңоё түшкөндө туур жасалат. Күнүнө 3–4 маал уясына эт таштаалып, колдон эт ж-а жем жегенге үйрөтүү м-н үндөккө (жем бергенде «По! по!» – деп кыйкырат) да маштайт. Балапанды чоңойтуп, үйүр алдырууда көп тойгузбайт, туздуу эт берилбейт, колго албайт. Чоңойгон сайын колго же туурга конууга үйрөтөт. Туурга конууга көнгөндөн баштап көзүнө томого (кээде жылчык гана калгандай кылып көзүн тигип коюшат) кийгизип, бутуна *чолок боо* тагылат. Түнү уйкудан жүдөтүп, күндүзү колдон түшүрбой алып жүрөт. Колдон эт алганга көнгөндөн кийин тигилген көзүн ачып, үй-бүлө мүчөлөрүнө, айыл-кыштактын шарттарына, аңчы иттерге үйүр алдырат. Бул этапта кушка жаңы, таза ж-а тузсуз эттен азыраак берип туруу керек. Бүркүттү семиртүү үчүн «кызыл эт» берип багышат. Кызыл эт м-н багуу «тойгузуу» же «сөөгүн агартуу» деп аталат. Кушту арыктатуу үчүн «ак жем», бир калыпта кармоо үчүн «сары бортмо», чыйрыктыруу үчүн «тартма», «толорсук» деп аталган жемдер берилет. Аңчылыкка чыгар алдында же маал-маалы м-н кийиз, кыл, жүн, жип, куштун канаты, арчанын бүрүн ж. б. жутканга мажбурлап, *аткы*, кант кошулган эт, суулук (жылуу суу м-н ак жем) ж. б. колдонуу м-н бүркүттүн ичин тазалап турат. Куш сиңбеген тамак-аш калдыктарын кусуп салат. Куш үйүр алгандан кийин учуп келип, колго конууга үйрөтүлөт. Ал үчүн *«узун боо»* тагылат. Алыскы аралыктан үндөккө учуп келүү үчүн салмоор (Кырг-ндын түштүгүндө – *токмок*) пайдаланылат. Атчан аңчынын колуна конууга көнгөндөн баштап, кушту далбаа тартуу, *чыргага жыгуу* ж. б. ыкмалар аркылуу ан алууга үйрөтө баштайт. Кыргыз аңчылары аны буктурма деп аташат. Акыркы этапта бүркүттү даярдалган тирүү жаныбарга салат. Ал *тирлөө* же кайруу деп аталат. Ал үчүн капканга кармалган жаныбарды алыска кача албагандай бутун тушап, көзүн байлап коюшат. Даярдалган тирүү жаныбарга токтоосуз, чечкиндүү кол салууга үйрөнөнде, куш табына келген болот. О. эле кыздарда сагызганды ж-а кузгунду да тапка жыгырип, аңчылык кылууда пайдаланышкан. Кийыртадан элибизде сагызганды ар кандай жыкунучтардан кабар берген кабарчы катары пайдалангандан тышкары, үйрөтүлгөн сагызганды ууга чыкканда алдын ала учуруп, анын шакылдаган үнү аркылуу жакын арада аңчылык кыла турган жаныбардын бар экендигин билишкен. Кырг-нда бул байыркы өнөр м-н Алай р-нундагы Төрек айылынын тургуну К. Дүйшобаев (сагызган таптайт), Аламүдүн р-нунун Кара-Жыгач айылынын тургуну Т. Жапаров (кузгун таптайт) алектенет. Куштарды ан уулоого үйрөтүү процесси тап ж-а бап, үйрөткөн киши тапкер ж-а бапкер деп аталат.

С. Эралиев.

КУШТАР, к а н а т т у у л а р (Aves) – омурткалуу жаныбарлар классы. К. айрым морфол. белгилери ж-а физиол. өзгөчөлүктөрү б-ча (жумуртка туушу) сойлоочуларга окшош; айырмасы денеси мамык жүн м-н капталып, ал жылуулукту сактайт ж-а учканда жылмышууну камсыздайт. К-дын склети женил ж-а бекем, алдыңкы колу учууга ыңгайланып, канатка айланган. Булчуңдары, айрыкча учтургуч булчуну жакшы өөрчүгөн. Жүрөгү 4 камералуу, салыштырмалуу көлөмү чоң, тез кан айлануусу камсыздайт. Зат алмашуусу күчтүү жүрөт, кан басымы жогору; артерия ж-а вена канына бөлүнгөн, дене темпрасы жогору ж-а туруктуу. Териси жука, бездери жок (чычаң безинен башка). Скелети учууга ыңгайланган, аба толгон көңдөйчөлөрү, минерал туздары көп болгондуктан, женил ж-а бекем болот. Төш сөөгү кырдуу, ага көкүрөк булчуңдары бекийт ж-а кабыргалар аркылуу омурткаларга биригет. Куймулчак омурткалары бири бирине кошулуп, жамбаш сөөгү м-н биригип өскөн. К-дын денесинде өпкөсү м-н байланышкан аба баштыкчалары бар. Дем алганда (канатын көтөргөндө), аба өпкө аркылуу аба баштыкчаларына толот, дем чыгарганда, кайра өпкө аркылуу өтүп, газ алмашуу күчөп жүрөт. Азыктануусунун ар түрдүүлүгү кызыл өңгөчтүн өзгөрүүсүнө, б. а. жемсөөнүн, булчуңдуу карындын, узун ичегинин пайда болушуна алып келген.



Куштар: 1 – кадимки мыймыт; 2 – кыштак чабалекейи; 3 – сайрагыч таркылдак; 4 – чоң бейиш чымчыгы; 5 – чоң кашка чымчык; 6 – бейиш чымынчы кушу; 7 – мала кызыл чыйырчык; 8 – варкушка; 9 – үрпөк таан, 10 – кадимки думбул; 11 – барпы; 12 – жут чымчык; 13 – үй таранчысы; 14–15 – эки түстүү тоту куш (14 – эркеги, 15 – ургаачысы).

Бөйрөгү чоң. Тамак сиңирүү, заара ж-а жыныс жолдору клоакага ачылат. Зааранын курамындагы суу клоаканын керегеси аркылуу денеге сиңгендиктен, К. сууну көп талап кылбайт. Мээси салыштырмалуу чоң. Жыт ж-а даам сезүүсүнө караганда, көрүү, угуу ж-а тең салмак сезүүсү жакшы өөрчүгөн. Сойлоочуларга караганда К-да нерв иши жогорку деңгээлде ж-а жүрүм-туруму татаал. Ар башка К. жыныстык жактан ар кандай жашта жетилет. Көбөйүүсү жыныс бездеринин ички ж-а сырткы факторлордун таасиринен мезгилдик өөрчүшүнө байланыштуу. К-дын азыгы жетишсиз учур алардын циклдүү көбөйүшүн бузат: үкүлөр ж-а жырткыч К. кемирүүчүлөр аз болсо, кайчы тумшуктар тобурчак уругу жетишпесе уялашпайт. К-дын уя салган жери ж-а уясы да ар түрдүү болот. 1ден 20га, андан да көп (тооктор) жумуртка тууйт. Жумурткасын ургаачысы же эркеги, кай бир К-дын экөө тең басат. Басуу мөөнөтү түрдүү К-да ар башка болуп, 11–12 күндөн 2 айга чейин созулат. Түйүлдүктүн кийинки өөрчүшүнүн өзгөчөлүгүнө карай балапандуу куштар ж-а жөжөлүү куштар деп айырмаланат. К-дын жашоо чөйрөсү да өтө ар түрдүү. Алардын бак-даракта, ачык талаада, сазда, сууда жашоочулары бар. Кээ бир жерде туруктуу жашайт, айрымдары көбөйгөндөн кийин топтошуп учуп кетет; убактылуу жер которот (к. *Келгин куштар*). К-дын азыркы жашаган 28 түркүмү, 9000 түрү Арктикадан Антарктида жээктерине чейин, бардык табигый зоналарда таралган. Кырг-нда 340тай түрү кезигет. Табиятта ж-а адам үчүн алардын мааниси көп түрдүү; өсүмдүк чаңдаштырат ж-а алардын уругун таратат, курт-кумурскаларды, кемирүүчүлөрдү ж. б. жоготуп пайда келтирсе, айрымдары бак-дарак, жемиштерге, дан эгиндерине зыян келтирет; жугуштуу ооруларды таратат. Кээ бир К-га аңчылык кылынат.

Ад.: *Янушевич Н.* Кыргызстандын сейрек кездешүүчү айбандары жана канаттуулары. Ф., 1972.

КУШЧУ, к у т ч у – кыргыздардын *сол канат* тобуна кирген чоң уруулардын бири. Өз алдынча уруу катары алгач 16-к-дагы «*Мажму ат-Таварих*», «Тазкира-и-ходжаган», «*Тарихи-и Рашиди*» ж. б. тарыхый чыгармаларда эскерилет. «Тарих-и Рашидиде» Моголстандын ханы (1380–99) Кызыр Кожону коштоп жүргөн бир мерген-чинин түпкү атасы К. уруусунан чыккан эмир экени айтылат. В. Радлов К. (кучу) уруусу Теңир-Тоо ж-а Енисей кыргыздарынын этностук байланышын аныктайт деген пикирди айтса, айрым көз караштагылар кытай хроникаларында кезиккен *нушибилердин* бир уруусу гэшуну К. деп эсептешет. Бирок азыркы К. уруусу м-н байыркы түрк уруулардын түз байланышы бар экени так аныктала элек. Башка бир пикирлер б-ча К. адегенде түрктөрдүн аскер наамы (кош беги) же хандын кызматчылары (кушчу – куш сала турган адам) болгон. Негизинен К. уруусу кыргыздын мундуз, кыпчак, коңурат, каңды сыяктуу уруулар м-н бирге байыркы уруулардын бири деп таанылат. К-лар этностук компонент катары кийинки ногой, түркмөн, башкыр, өзбек, азербайжан элдеринин арасында да кезигет. Кытай маалыматтарында (Пиндин Чжуньгээр фанлюэ, Сиюй чжи) К-лардын 17–18-к-да Чыгыш Түркстандын саясий турмушуна жигердүү катышканы айтылат. Генеал. уламыштар б-ча К. уруусу жоош ж-а мендуулат деген эки болүкчөдөн туруп, жоош негизги үч уруу – касымсейит, төрөсейит, тынымсейит; мендуулат таз кушчу, кара кушчу, көк кушчу, кагасты, чилжубут, шараноот, сакалды ж. б. уруулларга бөлүнөт. К. уруулларынын негизги бөлүгү Талас өрөөнүнүн баш жагында турушат. Мындан тышкары Чүй (Панфилов, Жайыл, Кемин ж. б.), Ысык-Көл (Жети-Өгүз, Тоң, Түп ж. б.), Нарын (Тогуз-Торо, Ак-Талаа, Кочкор ж. б.) обл-тарында ж-а КЭРдин Ак-Чий, Каражүл р-ндорунда жашайт. К. уруусу кыргыз элин түзгөн маанилүү этностук топ болуп эсептелет.

Ад.: Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, салт. Б., 1991; *Абрамзон С. М.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1999; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 1–2. Б., 2003.

Р. Жолдошов.

КУЭНКА – Экватордун түштүгүндөгү шаар. Асуай провинциясынын адм. борбору. Анд тоо аралык өрөөнүндө, деңиз деңг. 2600 *м* бийиктикте



Кафедралуу жаңы собор.

жайгашкан. Калкы 323,0 миң (2009); калкынын саны б-ча өлкөдөгү 3-шаар. Шаар аркылуу. Панамерика шоссеси өтөт. Аэропорту бар. Соборлор, чиркөөлөр, монастырлар ж. б. сакталган. Шаардын тарыхый бөлүгү *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине киргизилген. Тамак-аш, текстиль ө. ж. ишканалары иштейт. Кустардык кол өнөрчүлүгү (чий калпак, карапа ж-а зер буюмдар) өнүккөн. Ун-ттер, консерватория, китепканалар, музейлер бар. Шаар 1557-ж. негизделген.

КУЭ́СТА (испанча cuesta – кыя, тоо капталы) – капталдары асимметриялуу (бир жагы жантайыңкы ж-а узун, экинчиси тик ж-а кыска) түзүлүштөгү жалча. Ар кандай борпоңдуктагы тоо тектерди суунун жемиришинен пайда болот. Тоо тектер К-нын узун капталына карай жантайыңкы жайгашат. К. акиташ, кумдук ж. б. тоо тектерден турса, рельефтин К. тибин пайда кылат (мис., Крым, Түн. Кавказ, Париж ж-а Лондон бассейни ж. б. жерлерде).

КУЮН – аба массасынын тегеренген кыймылга кабылышы. Тегеренүү вертикалдык октун айланасында жүрөт. Чагылгандуу булуттарда пайда болгон кара булуттар түркүк же пилдин тумшугу сымал, төмөн көздөй таралып, атм. К-ду пайда кылат. Көп учурда жер бетине чейин жетет. Эни деңиз үстүндө ондогон *м*ден кургактыкка жүздөгөн *м*ге жетет. Айлануу ылдамдыгы 50–100 *м/сек*га чейин, жылыш тездиги 10–20 *м/сек*, бийикт. 800–1500 *м*ге чейин. Муздак аба агымы ысык аба катмары м-н кездешкенде алардын тең салмактуулугу бузулуп, тез коңторулуп айлануусунан К. пайда болот. Борборунда басымдын өтө аз болушу үстү жагынан булутту, астынан сууну, чаңды соруп алуусун шарттайт. Кээде К. м-н кошо чагылгандуу нөшөр, жаан, мөндүр болуп, жер бетиндеги нерселерге ж-а деңиз кемелерине зыян келтирет. Смерч, *тромб, циклондук куюн, чаңдуу куюн* буга мисал боло алат. Суу мейкиндигиндеги К. *айлампа* деп аталат.

КУЮН ТОК, Ф у к о т о г у – өзгөрмөлүү магнит талаасынан индукцияланып, туташ жоон өткөргүчтө пайда болгон туюк ток. Өткөргүчтө пайда болгон К. т. Жоуль – Ленц закону б-ча аны ысытат, электр энергиясынын бөлүгү жылуулукка айланат. К. т-туу өткөргүч катуу ысыгандыктан, андагы электр энергиясы кыйла коромжуланат. К. т-ту азайтуу үчүн өзгөрмөлүү ток машинасынын ж-а аппаратынын магнит өткөргүчтөрү бири бирине ток өткөрбөс пластиналардан же тасмалардан даярдалат. Өткөргүчтөрдү К. т. м-н ысытуу металлургияда металлдарды эритүүдө ж-а алардын куймаларын даярдоодо, лабор. практикада К. т. вакуум техникасында абасы сордурулуп жаткан идиштин ичиндеги металлдарды ысытып газдын калдыктарын бөлүп чыгаруу[illegible] колдонулат. К. т-тун сырткы магнит тал[illegible] м-н аракеттешүүсү электр эсептегичте, эл[illegible]дик өлчөөчү куралдарда, тахометрде ж. б. [illegible]донулат.

КУЮШКАН – ат жа[illegible]ктарынын бири; ээрди алдыга жылдырбоо [illegible] туюк жагы унаанын куйрук астына илин[illegible]эки бөлөк жагы кайчыланып, учу ээрдин арткы актасындагы чагарактарына же куткунуна бекитилүүчү каттай кайылган же өрүлгөн кош кайыш. Унаанын куймулчагын жоорутпас үчүн кайыш сыртына кийиз капталат. К-дын эки жак жүздөмөлөрүн (учу илмекей, сүйрүрөөк келген томпокчо) бириктирген чагарагы (быдыр жолчолору бар шакекче) ж-а аттын соорусунан түшүп турган кайышка чабылган кош солоңдору болот. К-дык кайыш кошунду аркылуу биригет. К-дын үстү жагы темир, жез, күмүш сүзмөлөр, купалар м-н асемделет.



КУЯҢ – жүлүн дүмүрчөктөрүн жабыркатуучу четки нерв системасынын оорусу. Көбүнчө катуу кармап, өнөкөт түрүндө өтөт. Аны омуртка оорусу – *остеохондроз* пайда кылат. Оор нерсе көтөрүү, чукул кыймылдоо, кокустатуу, үшүп калуу ж. б. учурларда жүлүн дүмүрчөктөрү кысылып калуусу мүмкүн. Нерв дүмүрчөктөрүнүн жабыркаган жерине жараша: бел-куймулчак, моюн, моюн-ийин ж-а көкүрөк К-ы болуп айырмаланат. Бел-куймулчак К-ы көп кездешип, анда бел сыздайт. Оору кыймылдаганда күчөйт, ошондуктан оорулуу басканда эңкейип же бир жагына кыйшаят, натыйжада омуртка да жабыркап, оору жоон санга, шыйракка, бут кетменине берилет. Бут муздап, булчуңдар шалдырап, кийинчерээк арыктайт, атрофия башталат. Моюн-ийин К-ында желке, ийин, далы ооруп, башты бурганда, колду кыймылдатканда, жөтөлгөндө, чүчкүргөндө күчөйт. Көкүрөк К-ы сейрек учурайт; анда көкүрөк (кабырга арасындагы нерв) ооруп, кыймылдаганда, терең дем алганда күчөйт. Дарылоо үчүн анын себептерин жок кылуу керек. Ооруну басаңдатуучу каражаттар м-н катар физиотерапия процедуралар, *дарылоочу дене тарбия* ж. б. колдонулат. Алдын алууда булчуңдарды чыңдоочу дене-тарбия ж-а спортко катышуу, организмди чыңдоо чоң мааниге ээ.

КҮБӨ – айып тагууга (жаза иштерин аныктоо) жардам берүүчү маалымат, жагдайларды билген адам. К. болуу адамдын жашына карабайт, бирок айыпкердин жакын туугандары өз ыктыяры м-н гана суралышат. Калган К-лөр тергөөчү[illegible]т, прокурордун чакыруусу б-ча келип, көрг[illegible]илгенин туура айтууга, берилген суроолорг[illegible] жооп берүүгө милдеттенет, о. эле мурунк[illegible]рген көрсөтмөсүн өзгөртүү же ага толуктоол[illegible] киргизүүгө укук берилет. Жооп эне тили[illegible], болбосо тилмеч аркылуу берилип, ал толу[illegible]-н протоколго түшүрүлөт же өзү жаза алат[illegible]л эми күнөөлүү (жабыр тарткан) адамдын [illegible] б. коргоочу, доочу же жоопкердин кызыкчылыгын коргогон өкүлдөр К. боло албайт. Эгер К. мурунку көрсөтмөлөрүнөн танса, анда ал жоопкерчиликке тартылат. Акыл-эси кем, майыптыгынан (дудуктардан башка) улам көргөн-билгенин кабыл ала албаган же аны айтып бере албаган адам К. боло албайт.

КҮБӨК – кооздук үчүн тагылуучу көркөм жасалга. К. алтын м-н күмүштөн кооздолуп жасалып, майда-майда *желбирөөчтөн* турган. Аны кыз-келиндер моюнга салынган. О. эле кушка да К. тагып, кыздын калыңына кошуп берген.

КҮБҮР – дарыя, деңиз же көлдөгү муз м-н капталган туруктуу таза суу мейкиндиги. Көбүнчө суунун өтө ылдам агышынан темп-ра жогорулай баштаганда муз каптаган дарыя-көлдөрдө, жер астындагы таза суу чыккан зоналарда пайда болот. К. калкыма муздардын арасында, булактарда, ГЭС тосмолорунун төмөнкү бьефтеринде ж-а ишканаларынан суу коё берилген ж. б. жерлерде байкалат.

КҮДӨРҮ – кой же эликтин терисинен май сиңирилип ийленген булгаары. К. башка булгаарыдан жумшактыгы, түктүүлүгү ж-а суу өткөрбөстүгү м-н айырмаланат. К. түрдүү түскө оңой боёлот. Андан кийим, бут кийим, кол кап тигилет ж-а бензинден сууну бөлүп чыпкалоо, о. эле оптикалык айнекти жылмалоо ж. б. үчүн пайдаланылат. Ж а с а л м а К. кездеме бетине К-нүкүндөй түктөрдү резина м-н чаптоо же желим сүйкөлгөн бетке майдаланган кебез буласын себелеп кургатуу жолу м-н алынат.

КҮДҮР – түз эмес, майда дөбөчө ж-а ой-чуңкурлуу жер бети. Көбүнчө Чүй өрөөнүнүн түздүктүү бөлүгүндө таралган. Бөксө ж-а жапыз тоолорго мүнөздүү рельеф. Аккумуляция процессинен пайда болот. Көбүнчө Чүй өрөөнүнүн түздүктүү бөлүгүндө учурайт.

КҮЗ – жыл мезгили; жай м-н кыштын өтмө климаттык учуру. Астр. көз карашта К. – Түн. жарым шарда күзгү күн-түн теңелүү мезгилинен (23-сентябрь) кышкы күн токтоого (21–22-декабрга) чейинки жыл мезгили. К. мезгили Түн. жарым шарда сентябрь, октябрь, ноябрь, Түш. жарым шарда март, апрель, май айларын камтыйт. К. адатта, жыйым-терим иштери күчөгөн, бышыкчылык мезгили болот. Бул мезгил «казан» деп да аталат.

КҮЗГҮ КАП, т е к ч е – көчмөн турмушта негизинен күзгү салынчу буюм. Орточо К. к-тын уз. 100 *см*дей, туурасы 50 *см*дей болгон. К. к. кийизден, таардан, калың кездемеден ар кандай чоңдукта жасалып, төрт бурчуна чачыланып өрүлгөн (согулган) боолор тагылган; бет жагы курак, оймо, сайма, бермет, шуру бастырылып, жээги тордолуп ж-а чачыланып кооздолгон; төмөнкү эки боосу керегенин башына, жогорку эки боосу эки уук алаканынын жогорураак жагына (туурасы кере, бийиги бош) байланган. Буга күзгүдөн башка эндик, упа, атыр, ооз комуз, шуру да салынган.



КҮЗГҮЛҮҮ-ЛИНЗАЛУУ СИСТЕ́МА, к а т а д и о п т р и я с и с т е м а с ы – жарыкты чагылдыруучу (оптикалык күзгү) ж-а сындыруучу (линзалар) беттерден турган оптикалык система. Линзалуу оптикалык системага салыштырганда К.-л. с. кыйла чоңойтуп көрсөтөт. Айрым К.-л. с-да сүрөттөлүштүн сапатын өзгөртпөстөн, констр. кызмат (жарык багытын өзгөртөт, прибордун көлөмүн кичирейтет ж. б.) аткарат. Буга микроскоптун күзгү-линзалуу конденсору мисал. Күзгү сүрөттөлүштү пайда кылат, ал эми линза күзгү пайда кылган аберрацияны оңдойт. Түшкөн жарыктын толкун узундугу өзгөрсө да, күзгүнүн оптикалык касиети өзгөрбөйт. Чоң фокус аралыгына ж-а чоң диаметрге ээ оптикалык системада, астрономияда чоң жарык күчүнө ээ фото- ж-а телеобьективдерде, микроскопто, о. эле спектрдин ультракызгылт көк ж-а инфракызгылт көк нурлар м-н иштөөчү приборлордо колдонулат. Орус физиги Д. Д. Максутовдун К.-л. с-сы кеңири тараган.

КҮЗДӨӨ – малдын күзгү жайыты. Мал жайлоодон келгенче, жаздоо чөбү алысындап, күзүндө күзгү жайыт катары пайдаланылган. Мал көбүнчө түзөң, тоо этеги, кокту-колот, адырларда күздөтүлгөн. Күзгү жайыттын түшүмү жайкы жайыттыкынан төмөн, чөптө азык заттар аз болгон. Көпчүлүгү күзгүсүн аңызга да мал жайган. Учурда колхоз-совхоздор тарап, дыйкан чарбасы уюшулгандыгына байланыштуу К. аз пайдаланылат.

КҮЗДҮК ӨСҮМДҮКТӨР – күзүндө себилип, кийинкы жылы түшүм берүүчү өсүмдүктөр. Аларга: күздүк кара буудай, күздүк буудай, күздүк

арпа, рапс, жер буурчак ж. б. кирет. К. о. *жаздык өсүмдүктөрго* караганда 7–10 күн эрте бышып, түшүмү да жогору болот. Алардын өсүп өрчүү, түптөнүү фазасы 30–35 күндө −2+10°С темп-рада өтөт. Жаз, жай айларында өсүүсүн улантып, баш алып, дан байлайт. Эгер күздүк эгиндерди жазында сепсе, алар өсүп чыгат, түптөнөт, сабак алат, бирок баш албайт. Ошондуктан күздүк эгиндерди кышкы сууктан 35–60 күн мурда сепсе, катуу суук башталганга чейин түптөнүп, тегиз бутактап, жаздаштыруу (яровизация) стадиясын өтүп, кышта үшүп кетпегенге өзүн-өзү даярдоого үлгүрөт. Өз убагында себилип, кышка даярдалган күздүк буудай −20°С суукка чыдайт, күздүк арпа −15°С, ал эми тритикале 25–30°С суукту көтөрө алат.

Г. Ф. Эшимкулова.

КҮЗҮК – токулуп жаткан килем м-н ормокто аркак откорулгон сайын үстүнкү («эркек») жиптеринин ар биринин арасы м-н астынкы («ургаачы») жиптерин өткөрүп, астын-үстүн кылып алмаштырып туруучу болүгү. Килем эриш жип бүт жүгүртүлүп бүткөндө, ал эми ормок эриш жиби жүгүртүлүп жатканда күзүктөлөт. Эриш жиптердин «ургаачылары» К-кө илинет да, «эркек» жиптери илинбейт. Токуучу *адыргыны* өзүн карай тартып кырынан тургузса, «эркек» жип К. жиптин арасы м-н өөдө чыгат, адыргыны жалпагынан ары жылдырса, «ургаачы» жиптин арасы м-н төмөн түшүп турат. Эриштин эки тарап «эркек», «ургаачы» жыш жиптери батбат алмашып, арасына аркакты кысып калат. К-толгон (үстүнкү ж-а астынкы) эриштерди көтөрүп, согууга даярдоо үчүн можу (үч бут), айрым жерлерде иймек колдонулат да, эриштин кайчылашкан жери таарда кылыч, килемде токмок м-н ургулап бекемделет (к. *Токуу*). Килем м-н ормоктун токулган бөлүгү жылган сайын К. да, К. которгуч да «күйоонү» коздой жылдырылып турат. К. токуучунун алды жагында андан бир метрдей окчун болот.

КҮЙДҮРГҮ, сибирь кулгунасы; сибирь жарасы – адам м-н малдын катуу кармоочу жугуштуу оорусу. Көбүнчө терини, ичеги-карынды, өпкөнү жабыркатат. Козгогучу – спора пайда кылуучу кыймылсыз таякча. Споралар чөйрөнүн шартына ото туруктуу келип, көп жыл (20–30 жылдан ашык) жашайт. Ошондуктан К. м-н ыландаган мал көмүлгөн жер ж-а алардын заара, тезеги м-н булганган жайыт көп жыл бою жугуштуу бойдон калат. Киши ыландаган малды союп, терисин сыйрып же жүнүн кыркып, жуун жатканда жугузуп алат. Козгогуч кишинин организмине терининн тытылган, сыйрылган жери (терини жабыркатуучу түрү), булганган аба м-н дем алганда (өпкөнү жабыркатуучу түрү), ыландуу малдын этин чала бышырып жегенде (ичегини жабыркатуучу түрү) жугат. К. териге жукканда 2–3 күн өткөндөн кийин, микроб кирген жерде кызыл так пайда болуп, 2–3 күндөн кийин ал шишип, ыйлаакчага айланып, суу, ирингe толот. Оорулуунун абалы начарлап, денеси 39–40°Сге чейин ысып, башы ооруйт, тамак ичкиси келбейт, кусат, 5–6 күндөн кийин темп-ра түшүп, жара айыга баштайт. 2–3 жумадан кийин карты түшүп, ордуна тырык пайда болот. Өпкө жабыркаганда К. өтө тез болуп, денеси өтө ысып, жотолот, кан аралаш какырык чыгат, көкүрөгү ооруп, дем алуу кыйындайт. Өз убагында дарылабаса, адам өлөт. Ичеги жабыркаганда, көңүл айнып кусат, ичи бурап өтөт, ичи кан аралаш өтөт, айрым учурда ич[illegible]п, көбөт. К-нүн бардык түрү *менингитке* [illegible]өш кабылдоого алып келет. Оорулууну о[illegible]нада дарылайт. Оорулуу болгон үйгө *дезинфекция* жүргүзүлөт. Алдын алууда мал жылы[illegible]делет. Эгер мал ыландап калса, аны бөлүп [illegible]ылап, *карантин* коюлат, бул ылаң малда *сибирь кулгунасы* же күлапса деп аталат.



КҮЙКӨ (Cerchneis tinnunculus) – шумкарлар тукумундагы жырткыч куш. Дене уз. 35 *см*ге чейин жетет. Ургаачысы эркегинен чоң. Жүнү саргыч, эркегинин жонунда кызыл күрөн тактары, ургаачысынын туурасынан кеткен чаар тилкелери бар. Боор жагы саргыч, кара тактуу. Евразияда ж-а Африкада таралган. Түндүктө келгин, түштүктө тургун куш. Тундрадан башка бардык жерлерде кездешет. Кырг-нда түздүктөн тартып, дениз деңг. 3000–4000 *м* бийиктиктеги тоолордо таралган. Адамга бат үйрөнөт. Даракка, аскага, каралбай калган курулуштарга уялайт. Жалгыздан ж-а бир нече ондогон, жүздөгөн жуптан турган топ болуп жашайт. К. кемирүүчүлөр, кескелдириктер, майда чымчыктар ж-а курт-кумурскалар м-н азыктанат.

КҮЙӨӨ, күйоо бала – 1) аялдын эри, жубайы; 2) Кыздын кудалаган жигити же үйлөнүп жаткан ж-а үйлөнгөн жигит аялынын ата-энесине, туугандарына К. болуп эсептелет.

КҮЙӨӨ ЖОЛДОШ – үйлөнүү тоюна күйоо балага жолдош болуп барган жигит. Ал элдик салтка байланыштуу ар кандай оюн-тамашаларды уюштурат, жигит тараптын намысын коргойт. К. ж-ко шайыр, чукугандай сөз тапкан, салтты жакшы билген жигиттер тандалат.

КҮЙӨӨЛӨӨ – кудалашып койгон колуктусуна күйөөлүк жолу м-н барып, салт б-ча колуктусу м-н белгилүү убакка чейин бирге болуп, үйүнө келип-кетип туруу.

КҮЙҮК – жогорку темп-раның, хим. заттардын, электр тогунун ж-а радиоактивдүү нурлануунун таасиринен ткандын жабыркашы. Ошого байланыштуу термиялык, хим., электр тогунан ж-а нурдан болгон К. болуп айырмаланат. Тиричиликте термиялык К. көп болот. Жабыркоонун оордугуна жараша күйүк 4 даражага болүнөт. 1-даражада тери кызарат, шишимик тартып ооруйт, күйгөн жерди таза муздак суу м-н жууп, андан кийин спирт, арак же марганец кычкыл калийдин мала эритмесин сүйкөп, кургак таңып коюу керек. 2-даражадагы К-тө суюктук толгон ыйлаакчалар пайда болот. Ыйлаакчаны жарууга ж-а кандайдыр бир май м-н майлап, өзүнчө дарылануурга болбойт, инфекция түшүп, дарылоону кыйындатат. 3-даражадагы [illegible] тери жансызданып, карттанат, 4-даражасында тери гана эмес тереңиндеги эт да жансызданат, ал тургай көмүрго айланат. Акыркы эки даражасында жабыркаган кишини дарылоо мед. мекемеге жеткирүү зарыл. К-түн оордугу анын даражасына гана эмес, аянтына да жараша болот. Эгер К-түн аянты чоң болсо (30%тен кем эмес) 1-даражадагы К-тө да шок болушу мүмкүн. Хим. заттардан күйгөн жерди ошол замат муздак суунун агымы м-н 15–20 минут жууш керек.

КҮЙҮКОВА Даркүл [15. 5. 1919, Пишпекке (азыркы Бишкек ш.) жакын Токолдош кыш. – 20. 3. 1997, Бишкек] – кино ж-а театр артисти, СССР эл арт. (1967), Кыргыз ССРинин Токтогул ат. мамл. сыйл. лауреаты (1987). Аткаруучулук ишмердиги 1936-ж. Фрунзедеги жаш көрүүчүлөр театрында башталган. 1941-жылдан өмүрүнүн аягына чейин Кыргыз улуттук академиялык драма театрында эмгектенген. Анын чыг-лыгында өзгөчө татаал мүнөздөгү, эркин күчтүү каармандардын образдары басымдуулук кылган. Аткарган ролдору – Зайнап (А. Токомбаев, «Ант»), Софья (И. Бехтерёв, А. Разумовский, «Суворов кол башчы»), Жаңыл (К. Маликов, А. Куттубаев, «Жаңыл») ж. б. образдар эмоциялуулугу, таасын табылган кайталангыс мүнөздөрү, курч сатиралык багыты м-н айырмаланган: Курцюс (Л. Тур, «Комуско кочодогу үй»), Панова (К. Тренёв «Любовь Яровая»), Кабаниха (А. Н. Островский, «Добул»), Милфорд айым (Ф. Шиллер, «Жүзү каралык жана сүйүү»), Ши-Пын (Цао Юй, «Тайфун»), Салкын, Гүлай, Айганыш (К. Жантошев, «Курманбек») ж. б. Образ түзүүдө анын гармониялык бирдиктүүлүгүнө жетишкен ж-а социалдык маанисине терең кирип, ал чөйрөнүн чыныгы маанисин көтөрүп чыккан К. жараткан Гонерилья (У. Шекспир, «Король Лир»), Васса (М. Горький, «Васса Железнова»), Сицзу (М. Каору, «Уурдалган өмүр»), Уулбала (А. Толкомбаев, «Өлбөстүн үрөнү»), Ли (Т. Абдумомунов, «Таалай гүлдестеси»), Зулайка (Ш. Садыбакасов «Ак боз ат»), Зукеш (М. Байжиев «Балдар бойго жеткенде») ж. б. ролдору анын ички драматизмге бай зор темпераментине ээ. Толгонай (Ч. Айтматов б-ча, «Саманчынын жолу») – К-нын эң бийик актёрлук чеберчилиги м-н оптимизминен жаралган эң күчтүү ж-а таасирлүү, салмактуу ж-а монументалдуу образ. Кийинки мыкты ролу – Сур эчки (М. Байжиев, «Байыркы жомок») ж. б. «Манастын уулу Семетейдеги» (Ж. Садыков) Чыйырдынын ролу үчүн мамл. сыйл. татыган. К. кинодо да («Биринчи мугалим», «Аптап», «Ак кеме», «Аталар ороонү» ж. б.) бир топ ролдорду жараткан. Кыргыз ССР Жогорку Советинин (8-шайл.) депутаты болгон. Эмгек Кызыл Туу, Эл Достугу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.



Д. Күйүкова – Толгонай, Ч. Айтматов. «Саманчынын жолу» спектаклинен көрүнүш, 1965.





Д. Күйүкова – жеке. «Биринчи мугалим» фильминен бир көрүнүш.

КҮЙҮҮ – жылуулук ж-а жарык чыгаруу м-н тез жүрүүчү татаал хим. реакция. К. отун түрлөрүнүн (нефть, газ ж. б.) жогорку темп-ралуу кычкылдануусу ж-а физика-хим. теория б-ча тез өтүүчү хим. процесс. К-го о. эле ацетилен, жарылгыч зат, озондун ажырашы, заттын хлор, фтор м-н кошулуусу ж. б. кирет. К-догу хим. реакция өзүн өзү тездетет, хим. реакция өзү тездейт ж-а хим. реакцияны жүргүзүүчү активдүү заттардын концентр-сы жогорулайт. К-до пайда болгон заттар ж-а болүнүп чыккан жылуулук диффузия ж-а жылуулук өткөрүү кубулушунун негизинде мейкиндикке тарайт. К. эки этапта жүрөт – заттын тутануусу ж-а толук К-сү. Зат аргасыздан ж-а өз алдынча тутанат. К-чү продуктунун агрегаттык абалына жараша

гомогендүү К., жарылгыч заттардын К-сү, гетерогендүү К. деп айырмаланат. Гомогендүү К-дө баштапкы К-чү зат ж-а продукт бирдей агрегаттык абалда болушу зарыл. К-нүн бул тибине газ аралашмасынын (жаратылыш газы, суутек ж-а кычкылтектин), газдаштырылбаган заттын (мис., алюминий кошулмасынын түрдүү металл окистери м-н) К-сү ж-а изотермалык К. заттын жарылуусундагы К. заттын конденсацияланган абалынан газ абалына отүшүнө байланыштуу. Гетерогендүү К-дө алгачкы заттар түрдүү агрегаттык абалда (мис., катуу же суюк отун ж-а газ түрүндөгү кычкылданткыч) болот. Гетерогендүү К-нүн маанилүү технол. процесстери – бул көмүр, металл, суюк отундун ичинен К-чү кыймылдаткычтагы, реактивдүү кыймылдаткыч камерасындагы К. Техникада К. жылуулук алуу үчүн колдонулат.

КҮЙҮҮ ЖЫЛУУЛУГУ, жылуулук чыгарууга жөндөмдүүлүк, калориялуулук – 1 *кг* катуу ж-а суюк же 1 *нм*^{3} газ абалындагы отун толук күйүп бүткөндө пайда болгон жылуулук саны. Күйгөндө көп жылуулук бөлүп чыгарып, энергия булагы катары колдонулган зат отун деп аталат. Ал табигый (жыгач, саман, камыш, чым көн, күрөң ж-а таш көмүр, нефть, күйүүчү газ ж. б.) ж-а жасалма (отундарды физ., хим. же физ.-хим. иштетүүдөн алынган) болуп бөлүнөт. К. ж. *джоуль* ж-а *калория* м-н өлчөнөт. К. ж-нда отундун хим. курамы аныкталат. Отун курамындагы күйүүгө катышкан хим. элементтерге – суутек (H), көмүртек (C), кычкылтек (O), азот (N) ж-а күкүрт (S), күйүүдөн калган затка күл (A), суу (W) кирет.

КҮЙҮҮЧҮ СЛАНЕЦТЕР – массасы 60–70% күйүүчү орг. заттардан турган чөкмө тектер. Өңүтүсү бозомук күрөң, саргыч күрөң. Курамында бир аз кальцит, доломит, гидрослюда, монтмориллонит, каолинит, талаа шпаты, кварц, пирит ж. б. минералдар кездешет. Орг. заттарга кээ бир өсүмдүктөрдүн ж-а жөнөкөй балырлардын биогеохим. жол м-н пайда болгон калдыктары кирет. Тез тутанып, быкшып күйөт. Кургак кызытып, газ, бензин, керосин, парафин, майлоочу май, кокс алынат. Эл чарбасында отун, хим. сырьё катары колдонулат. Жылуулук берүү энергиясы 3500–4000 *ккал/кг*га жетет. Лагунада, көл м-н деңиз түптөрүндө пайда болот. Курамына жараша чополуу, карбонаттуу, кремнийлүү түрлөрдөн турат. Кембрийден тартып, неоген мезгилине чейинки чөкмө тектердин арасында өзүнчө кабатты түзөт. Негизинен платформалуу аймактарда жолугат. Ири кендери Балтика деңизинин жээктеринен, Беларуссия, Украина, Волга бою, Өзбекстан, Якутия, Швеция, Шотландия, АКШ, Канада, Австралия, Кытай ж. б. жерлерден орун алган.

Ад.: Геология месторождений угля и горючих сланцев СССР. Т. 11. М., 1968; Месторождения горючих сланцев мира / Под ред. В. Ф. Череповского. М., 1988.

«КҮКУК МЕНЕН ЗЕЙНЕП» – кыргызда кеңири тараган уламыш. Анын негизги темасы – сүйүү, идеясы – калк кадырлаган каада-салтты сактоо. Баш каармандары – сүйүшкөн эки жаш. Алар элдик нарк-насил эрежесине сыйбаган жорук-жосуну үчүн калк каргышына калган. Ушундан улам бири Күкүк (жигит), экинчиси Зейнеп (кыз) деген кушка айланып кетип, бирин бири көрүшө албай, зарлашып, алыстан гана чакырышып калган. «К. м. З.» ж-дө дагы бир башка уламышта окумуштуу Чыкырчы Так Сулайман Эрдеше хандын Мазмунду аттуу кызын сүйүп калганы баяндалат. Эрдешке кызын бербейт. Ошондо Сулайман Күкүк деген кушту жиберип, Мазмунду чакыртып алган. Кийин алар кудайдын каарына калып, Күкүк ж-а Зейнеп деген куш болуп кеткен. Элдик чыгармаларда алардын образы аркылуу ашык жарлардын тагдыры («Ашык болуп мен жүрөм, Күкүк м-н Зейнептей») чагылдырылат.

Ад.: *Поярков Ф.* Каракиргизская легенда, сказки и верования. Верный, 1900.

КҮКҮКТӨР (Cuculidae) – куштардын күкүк сымалдар түркүмүнүн тукуму. Дене уз. 15–70 *см*. Даракта жашагандарынын буту кыска, жердегилердики узун, чуркоого ыңгайланган. Жакшы учат. Келгин куштар, көбү моногамдар, 2–6 жумуртка туун, эркек м-н ургаачысы алмак-салмак басат. К-дүн 39 уруусу, 129 түрү бар. Антарктидадан башка жерде таралган; көбүнчө тропикте кездешет. Булардын 80, КМШ өлкөлөрүндөгү 6, Кырг-нда жашоочу 2 түрү өзү уя салбай, жумурткасын башка куштун уясына туурт. Ал куштар К-дүн жумурткасын өз жумурткасы м-н кошо басып чыгарат. Анын балапаны эрте чыгат да, ээсинин жумурткасын же балапанын уядан түртүп таштап, өзү калат. Айрым түрү башка уяны ээлеп алып, жумурткасын өзү басат. Кээ бири өзү уя салып, балапанын чыгарат. Куштардын уясын бүлдүрүп, зыян келтирүү м-н бирге зыяндуу курт-кумурскаларды, алардын личинкалары м-н азыктанып, пайда келтирет. Чолдо жашоочу түрлөрү кескелдирик, жылан, кээ бири момо, жемиштер м-н азыктанат.



КҮКҮРТ (лат. Sulfur), S – *элементтердин мезгилдик системасынын* VI тобунда жайгашкан хим. элемент, ат. н. 16, ат. м. 32,06. Табигый 4 туруктуу изотобу бар ^{32}S, ^{33}S, ^{34}S, ^{36}S.Табиятта эркин ж-а бирикмелер түрүндө кездешет. К. ар түрдүү металлдар м-н болгон бирикмелери ото кеңири таралган (мис., коргошун жалтырагы PbS, цинк жалганы ZnS, жез жалтырагы Cu_2S ж. б.). Булар түстүү металл алуунун булагы катары эң баалуу кендер болуп саналат. Табиятта күкүрт кальций ж-а магний сульфаттары катары да кеңири таралган. К-түн бирикмелери осумдук ж-а жаныбар организминде да кездешет. Жер кыртышында К-түн жалпы саны $5 \cdot 10^{-2}$ % ти түзөт. К-ту негизинен темир колчеданынан FeS_2 ж-а түстүү металлдардын күкүрттүү бирикмелери бар полиметалл кендерден да алууга болот. К. – кадимки шартта 118,9°Сде б. эрүүчү, сары түстөгү мөрт кристалл. Ал сууда эрибейт, бирок бензолдо ж. б. орг. суюктуктарда жакшы эрийт. К-түн молекуласы 8 атомдон (S_8) турат. 444,6°Сде кызыл-сары суюк бууну пайда кылуу м-н кайнайт. К-түн буусунда темп-ра жогорулаган сайын молекуладагы атомдордун саны улам азайып $S_8 \rightarrow S_6, S_4 \rightarrow S_2 \rightarrow S$, 800° – 1400°Сде молекула бир гана атомдон турат. К. Cu, Fe, Zn м-н түздөн-түз аракеттенип, көп сандагы жылуулукту бөлүп чыгарат. Металл эместер м-н аракеттенет, металлдар м-н реакция жеңил ж-а активдүү жүрүп, сульфиддерди пайда кылат. К. эл чарбасында кеңири керектелет. Резина ө. ж-нда каучукту резинага айландыруу үчүн колдонулат. Каучук өзүнүн баалуу касиетине К. м-н аралаштырып ысытканда гана ээ болот. Мындай процесс вулканизация деп аталат. К. өсүмдүктөрдүн кээ бир зыянкечтерин жоготууда, ширенкени, ультрамарин боёкторун, К-түү көмүртекти ж. б. бир катар заттарды даярдоодо пайдаланылат.

КҮКҮРТ КИСЛОТАСЫ, H_2SO_4 – эки негиздүү күчтүү кислота. Суусуз К. к. – 10,4°Сде кристалл-даша турган түссүз май сыяктуу суюктук. Сууда эригенде ото көп сандагы жылуулук бөлүп чыгаруу м-н гидрат пайда кылат. Ал суунун буусун абдан тез сиңирип алгандыктан, газдарды кургатууда колдонулат. Концент. К. к. (озгочо ысык к-та) – күчтүү окистенткич. Анын металлдар м-н өз ара аракеттениши концент-сына жараша ар түрдүү отот. Суюлтулган К. к. өзүнүн ионун м-н суутекти окистендирет. Ошондуктан ал активдүүлүк катарында суутектен мурун турган металлдар м-н гана өз ара аракеттенишет. Концент. К. к-тасында окистендиргич күкүрт (VI) болуп саналат ж-а активдүүлүк катарында күмүштөн мурда турган металлдарды гана кычкылдандырат. Калыбына келтирүүнүн продуктусу металлдын активдүүлүгүнө ж-а шартка жараша ар түрдүү болушу мүмкүн. Активдүүлүгү начар металл, мис., жез м-н өз ара аракеттенишкенде, к-та SO_2ге чейин калыбына келет. К. к. эки негиздүү к-та катары эки түрдүү тузду (орто ж-а кычкыл туз) пайда кылат. К. к-нын орто туздары – сульфаттар, ал эми кычкыл туздары гидросульфаттар деп аталат. К. к-нын көпчүлүк туздары сууда жакшы эрийт. Дээрлик эрибей турган туздары: $BaSO_4$, $SnSO_4$, $PbSO_4$. Кальций сульфаты $CaSO_4$ начар эрийт. Барийдин эрибей турган туздары сульфат иону үчүн реактив болуп саналат. Ө. ж-нда К. к. күкүрттүн кош кычкылын SO_2 үч кычкылына чейин кычкылдандырып, андан кийин SO_3түү суу м-н аракеттендирүүдөн алынат.

Ад.: *Амелин* А.Г., *Яшке* Е. В. Производство серной кислоты. М., 1974.

М. *Кыдыков.*

КҮКҮРТТҮҮ КИСЛОТА, H_2SO_3 – суюлтулган суу эритмелер түрүндө гана белгилүү болгон начар, эки негиздүү к-та (күкүрттүү ангидриддин суудагы эритмеси). К. к-нын туздары – сульфиттер (мис., Na_2SO_3) ж-а бисульфиттер ($NaHSO_3$, ж. б.). К. к. ж-а анын туздары күчтүү калыбына келтиргич болуп саналат. Алардын эритмелери абадан акырындык м-н кычкылтекти кошуп, күкүрт кислотасын же анын туздарын пайда кылат. Күчтүү кычкылдандыргычтар ($KMnO_4$, Br_2, I_2 ж. б.) м-н К. к. ж-а анын туздары активдүү кычкылданат. Ал эми күчтүү калыбына келтиргичтер м-н өз ара аракеттенгенде, окистендиргичтин ролун аткарышы мүмкүн. Сульфиттердин басымдуу көпчүлүгү (K_2SO_3 ж-а Na_2SO_3тон башкалары) сууда эрибейт. Бисульфиттер сууда жакшы эрийт. Алардын көпчүлүгү эритмеде гана туруктуу. Эркин түрүндө щелочь металлдардын бисульфиттерин гана бөлүп алууга болот. К. к-нын туздары *күкүрттүү ангидридди* тиешелүү металлдардын гидроокистери же карбонаттары м-н өз ара аракеттендирүүдөн алынат. Калий ж-а натрий сульфиттери текстиль ө. ж-да кээ бир материалдарды агартыш үчүн, кездемелерди боёодо, сүрөт иштеринде колдонулат. $Ca(HSO_3)_2$ эритмеси жыгачты сульфиттик целлюлозага кайра иштетүүдө (кагаз алуу үчүн) пайдаланылат.

КҮКҮРТТҮҮ СУУТЕК, H_2S – күкүрттүн суутек м-н бирикмеси; түссүз, сасыган жумуртка жыттанган уу газ. Эрүү t – 32,9°C, кайноо t – 60,3°C. тыгыздык 0,964 *г/см*^{3} Катуу К. с. ак түстөгү кристаллдык масса. Сууда, спиртте жакшы эрийт. 20°C 1 *л* сууда же спиртте 2,9 *л* К. с. эрийт. Жаратылышта жанартоо газдарынын курамында, орг. калдыктардын чириндилеринде кездешет. К. с-тин орто ж-а кычкыл туздары бар (NaHS, Na_2S, ZnS, PbS ж. б.). Алар сууда начар эрийт же такыр эрибейт. К. с. лабор-да күкүрттүү темирге 25% түү туз к-тасын таасир этүүдөн алынат: $FeS+2HCl_2+H_2S$. К. с.– күчтүү калыбына келтиргич. Анын суудагы эритмеси К. с. к-тасы деп аталат. Ал начар к-таларга кирет. К. с. дем алуу органдары, көз, нерв системасына терс таасир этет. Концент. 1 *мг/л*ден жогору болсо адамдын өмүрүнө зыян келтирет. К. с. *анализдик химияда* ж-а орг. синтезде күкүрттүү бирикмелерди алууда колдонулат.

КҮЛ, чечек (Variola), – малдын терисинде ж-а былжыр челинде ириңдүү ыйлаакчалардын пайда болушу м-н мүнөздөлгөн ото жугуштуу ылаң. Бул ылаң адамда *чечек* оорусу деп аталып, дүйнө б-ча 1979-ж. жок кылынган. Ал эми жаныбарларда К. азыр да кезигүүдө. Ылаңдын

козогогучтары Poxviridae түркүмүнө кирген вирустар. Алар сырткы чөйрөдө көпкө чыдабайт. Жогорку темп-рага, күн нуруна ж-а к-таларга өтө сезгич келет, кайнатканда тез өлөт. К. м-н сүт эмүүчү жаныбарлардын бардык түрлөрү ж-а куштар ыландайт. Малды тар, шарты начар короодо багуу ж-а сапатсыз тоюттандыруу ылайдын оор өтүшүнө түрткү берет. К. ыланына эпизоотол. маалыматтар ж-а клиникалык белгилер б-ча диагноз коюлат. Уйдун К-үнөн шарпты, исиркектүү оозулду ж-а тоюттан пайда болгон исиркектерди айырмалоо зарыл. Ыландаган малды жылуу, кургак бөлмөлөргө бөлүп, сапаттуу, женил сиңимдүү тоют м-н тоюттандыруу зарыл. Сугарууда сууга иоддуу калий кошулат. Уй желинин жабыркаган учурда бор, цинк, стрептоцид, синтомицин ж. б. кошулуп даярдалган антисептикалык ж-а кургатуучу дарылар сүйкөлөт. К. м-н ыландап айыккан жаныбарда туруктуу *иммунитет* пайда болот. К-дү болтурбоо үчүн вет.-санит. иш-чараларды өз учурунда ж-а так аткаруу зарыл. Бул ылай чыккан чарбаларга чектөө коюлат, кой, эчки, төө ж-а үй куштары ыландаган учурда *карантин* жарыяланат. Ыландаган ж- а ыланга шектүү жаныбарлар өзүнчө болуп дарыланат. Мал сарайлар жегич натрийдин 3%түү эритмеси же жаңы очүрүлгөн акиташтын 20%түү аралашмасы м-н дезинфекцияланат.

Ад.: *Раимбеков* Д. Эпизоотология жана айыл чарба жаныбарларынын жугуштуу ылайдары. Б., 2007.

КҮЛ АЗЫК – кыргыз элинин улуттук узак сакталуучу, бузулбас кубаттуу тамагы. Ал негизинен тайдын (кээде кийик ж-а койдун) этинен даярдалган. Союлган малдын (кайберендин) эти бышырылып, туурасынан жука тилинип, кургатылып, жаргылчакка тартылат же сокуга күл майда жанчылат. Жанчылган эт сызгырылып, майга салынып, кайнатылып, ун, туз, кургатылган чөп тамырлары ж. б. татымалдар кошулуп, кызарганча куурулат. Суугандан кийин карынга салынат. К-ты эттин өлчөмүнө жараша талкан кошуп, сары майга кууруп сактаса да болот. Кишинин санына жараша (орто казанга бир кочуш салса, 10–15 кишиге жетет) сууга салып кайнатат. К. узак сапарга, ан-уулого, жүрүшкө, казатка чыгарда пайдаланылган.

Ы. Кадыров.

КҮЛБӨСХАН ШААР КАЛДЫГЫ – 10-к-га таандык археол. эстелик. Чаткал өрөөнүнүн борб. бөлүгүндө, Чаткал суусунун сол ойүзүндө жайгашкан. Жалпы түзүлүшү трапеция үлгүсүндө. Цитадель, шахристан ж-а рабаттан турат. Цитадель ж-а шахристаны мунаралуу калың дубалдар м-н курчалган. Дубалы бышырылбаган кыштан тургузулган. К. ш. к-н казууда турак жай, чарба калдыктары, чопо идиштер, жаргылчак, тыйын, күл, малдын сооктору ж. б. буюмдар табылган. Айрым изилдоочулор аны о. кылымдагы *Ардыланкет* м-н байланыштырат. 1950-ж. археолог А. Кибиров казып изилдеген.

«КҮЛГААКЫ» – кыргыз эл дастаны. Негизги темасы – ата журтту коргоо, идеясы – калк достугун бекемдөө. Дастандагы окуялар кыргыз эли м-н калмактардын ортосунда 16–18-к-да болгон кагылышты чагылдырат. «К-нын» качан пайда болгону ж-дө так маалымат жок. Дастандын жаралышына Күлгаакы ж-дөгү уламыш, санжыралар негиз болгон. Дастандын баш каарманы Күлгаакы – калмак [illegible]нын кыргыз аялдан төрөлгөн кызы. Ал 1[illegible] башында эле калкка кайрымдуу, адилет эл [illegible]шкаруучу болгон. Күлгаакы кыргыз жигит [illegible]кигитке турмушка чыгып, калмак м-н кы[illegible]ды достоштурган. Дастандагы Догон, Долуха[illegible] Таргын – терс кейипкерлер. Алар кол кур[illegible] келип, Күлгаакы м-н Гүлжигитти өлтүрөт. [illegible]рок дастанда адилеттүүлүк, акыйкат женип, окуя калмактардын кыргыз жергесинен куулушу м-н аяктайт. Дастан Орозбай Урманбетовдун варианты б-ча басмадан чыгып (1969), окурмандарга тартууланган.

КҮЛТЕГИН (684–27. 2. 731) – Чыгыш (экинчи) *Түрк кагандыгынын* (552–745) канзандасы. Ильтериш (Ильтерес) кагандын уулу. Борб. Азиядагы түрктөрдүн гегемониясын орнотууга салым кошкондордун бири. К. кеңешчиси *Тонйукук*, бир тууганы Билге м-н бирге табгачтар (700), Кытай (705 же 706), Енисей кыргыздары (710), Согдулар (711), карлуктар (711), аздар (715) м-н согушуп, 716-ж. Билгени (к. *Билге каган*) такка отургузган. К. Чыгыш Түрк кагандыгынын баатыры деп эсептелет.

КҮЛТЕГИН – байыркы орхон түрктөрүнүн ташка жазылган 8-к-га таандык руникалык эстелиги. Аны 1889-ж. Орхон д-нын жээгиндеги Кошо-Цайдам деген жерден (Монголия) Н. Я. Ядринцев тапкан. Эстелик таштын бийиктөө. 3,15, туурасы 1,34, калыңдыгы 0, 41 *м*. 1893-ж. дания-лык окумуштуу В. Томсен Орхон жазма эстеликтерин окуй турган ачкычын тапкан соң, анын түрк тилинде жазылганы аныкталган. В. В. *Радлов* тактагандан кийин ал түрктөрдүн аскер башчысы Күлтегиндин (б. з. 684–731) баатырдык иштерине арналып жазылган дастан жа жанына чарчы (10,25×10,25) түрүндө курулган күмбөз ага тиешелүү экени белгилүү болгон. Эстелик ташта баян түрүндө эки жазуу сакталып калган. Алар кичи ж-а чоң жазуулар деп аталып, биринчиси 13, экинчиси 53 көлөмдүү саптан турат. Эки жазууда тең маанилүү окуялар баяндалган. Кичи жазууда негизинен Күлтегиндин түрк элине кайрылып айткан акылы, түрктөрдүн жеринин кооздугу, кендиги, *Билге* кагандын эрдиги ж-а бул дастанды жазуунун себептери сүрөттөлөт. Чоң жазууда түрк элинин ата-бабалары Ильтериш (к. *Эльтерес каган*), *Бу-*

Күлтегиндин стеласы.



мын, [illegible]*еми* кагандар, Күлтегиндин өзү ж-дө баянд[illegible]-а жер м-н көктүн, адам баласынын жара[illegible]ы тууралуу филос. ойлор айтылган. Түрк[illegible]ө жоо болгон табгач (тоба), *тогуз огуз*, кырг[illegible]курыкан, отуз татар, кытан (кара кытай), [illegible]абилерге 47 жолу жортуул жасап, чыгышы [illegible]ашыл Өзөн, Шантун, батышы Темир-Капкан[illegible] чейин жеткени ж-а Көгмөндү ашып кыргыздарды чапканы, о. эле Күлтегин кайтыш болгондо бүткүл түрк элинин, аза күткөнү аза күтүү зыйнатына төгөроктүн төрт бурчунан кадырман кишилер келгени ж-дө маалыматтар бар. К. эстелигиндеги жазуу түрк, огуз, кыргыз, он ок сыяктуу Борб. Азиянын элдеринин тарыхын окууда өтө маанилүү эстеликтердин бири болуп эсептелет.

Ад.: *Киселёв С. В.* Древняя история Южной Сибири. М., 1951; *Кляшторный С. Г.* Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии. М., 1964; *Малов С. Е.* Енисейская письменность тюрков. М.; Л., 1959; *он же*, Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. М.; Л., 1959; Орхон-Енисей текстгери. Ф., 1982.

КҮЛ ТОПУРАК – күлгө айлануу процессинин натыйжасында пайда болуучу топурак тиби. К. т-та темир, марганец жуулуп, кремнезём калдыктары көбөйгөндүктөн горизонттун кызгылт күрөң же саргыч күрөң түсүнүн ачык боз же агыш күл сымал түстө, азык заттар, кычкылдуулугу төмөн болот. Токою кыйылган К. т-туу жер жакшыртылып, а. ч-га пайдаланылат.

КҮЛУК-ДӨБӨ – Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нундагы кыштак. Кербен айыл округуна каранган. Райондун борбору Кербен ш-нан 5 *км* түн.-чыгыш тарапта. Шамалды-Сай т. ж. бекетинен 80 *км*. Кыштак 1933-ж. негизделген. Калкы 2179 (2009); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, клуб, медпункт бар.

КҮЛЧӨТАЙ – кыргыз-казактын улуттук тамагы; камыры жука жайылып, тилкелене кесилип, эттүү сорпого бышырылып, эти м-н бирге идишке сүзүлүп тартылуучу тамак. Сорпосу кеселерге куюлуп, өзүнчө берилет. О. эле аймактык өзгөчөлүктөргө жараша айрым жерлерде камырын кичинекей тегерек түрдө калың жайып, эки четин кол м-н бириктирип, эттүү сорпого бышырат же К-ды кесме ордуна туурап жиберген учурлар да кездешет.

КҮМБӨЗ (ар. куббаэ – көмкөрүлгөн чатырча, фарсыча гомбед – көмкөрүлгөн асман) – бейит үстүнө салынуучу арх-ралык курулуш. Ал таш, кыш, темир, гранит, мрамор сыяктуу бышык материалдан курулат. К-дүн Египет пирамидасы (мис., Хеопс фараон пирамидасы), кумпалдуу азиялык К., Индияда ж-а Кичи Азияда аскага оюлуп жасалган К. сыяктуу түрлөрү бар. Самаркандда Рухабаддын, Эмирдин (*Гур-Эмир*) ж. б. кумпалуу салынган К-дор белгилүү. Кыргндун Өзгөн ш-нда үч күмбөз (11–12-к.), Шах-Фазил күмбөзү (11–12-к., Ала-Бука р-ну, Сафед-Булан кыш.), Манастын күмбөзү (14-к., Талас р-ну, Таш-Арык кыш.), Чүй өрөөнүндө Байтиктин күмбөзү (19-к.), Өзүбектин күмбөзү (1914) ж. б. эстелик К-дор бар.

КҮМҮШ (лат. Argentum), Ag – *элементтердин мезгилдик системасынын* I тобундагы хим. элемент; ат. н. 47; ат. м. 107,870; асыл металлдарга кирет. Жаратылышта К. эки (Ag^{107} ж-а Ag^{109}) туруктуу изотоптун аралашмасынан турат. Таза К. мындан 3 мин жыл мурун Египетте, Персияда, Кытайда белгилүү болгон. К. – алтынга салыштырганда активдүү, жер кыртышында алтынга караганда 1,5 эсе көп, эркин абалда аз кездешүүчү элемент. К-түн саны жер кыртышынын $6 \cdot 10^{-6}$ %ин (массасы б-ча) түзөт. К. табиятта аргентит Ag_2S (күмүш жалтырагы), пираргирит Ag_2SbS_3, прустит Ag_3AsS_3 минералдары түрүндө, айрыкча алтын, жез, коргошун кендери м-н бирге кездешет. Таза К. – өтө жумшак, ак түстөгү металл; башка металлдарга караганда жылуулукту ж-а электр тогун жакшы өткөрөт; тыгызд. 10,5 $г/см^3$; кайноо t 2212°С; эрүү t 960,5°С. Бирикмелерде I валенттүү; II ж-а III валенттүү К. бирикмелери да белгилүү. Хлор м-н нымдуу чөйрөдө 80°Сде, ал эми кургак хлор м-н 300°Сде реакцияга кирет; фтор м-н жогорку темп-рада аракеттенет. Кадимки темп-рада кычкылдандыргыч катышпаса, HCl, HBr, HI К-кө таасир этпейт. Кадимки шартта хим. жактан анча активдүү болбогондуктан, кычкылтек таасир этпейт. Жогорку темп-рада ж-а басым астында кара күрөң түстөгү К. оксиди Ag_2O пайда болот. Болмө темп-расында галогендер ага акырындак м-н таасир этип, К. галогениддерин AgF, AgCl, AgBr, AgJ берет. О. эле ак түстөгү, сууда тез ажырай турган гидриди AgH, оной жарылуучу кара түстөгү нитриди Ag_3N, карбиди Ag_2C_2 белгилүү. К. м-н сууда эрибей турган сульфидди Ag_2S пайда кылат. К. азот к-тасында, концент. ысык күкүрт к-тасында, падыша арагында эрийт. Орто к-талар, щелочтор таасир этпейт. Копчүлүк туздары сууда эрибейт. Суутек ж-а азот м-н К. түздөн-түз бирикпейт. Ag_2Oнун аммиактуу эритмесине ацетонду ж-а спиртти таасир эткенде нит-

рид Ag_3N пайда болот. $AgNO_3$ эритмесине гидразинди таасир этүүдөн азиди Ag_2N_3 алынат. Бөлмө темп-расында К. күкүмүнө же К. туздарынын эритмесине ацетиленди таасир этүүдөн карбиди Ag_2C_2 алынат. Өтө жогорку темп-рада фосфор м-н Ag_3P пайда кылат. К-кө орг. к-талар ж-а щелочтор таасир этпейт. Нитраттар, сульфаттар, тиосульфаттар ж-а металлдардын хлориддери К. м-н эриген (балкыган) абалында гана реакцияга кирет. К-түн нитраты, фториди, перхлораттан башка туздары түссүз ж-а уу. Ал ысык концент. күкүрт к-тасында К. сульфатын ж-а күкүрттүү ангидридди пайда кылуу м-н эрийт. Муздак, суюлтулган азот к-тасы м-н бөлмө темп-расында нитратты ж-а азоттун кычкылдарын пайда кылуу м-н аракеттенет. К. негизинен куйма түрүндө колдонулат; куймасы зергер ж-а турмуш-тиричиликте колдонулуучу буюм, тыйын, лабор. идиштерди жасоодо, металлдарды ж-а радиотетиктерди каптоодо, күмүш-цинк аккумуляторлорун жасоодо пайдаланылат. о. эле орг. эмес ж-а орг. синтезде катализатор катары да колдонулат. К-түн иону бактерияларды жок кылат. Анын өтө кичине концент. ичүүчү сууну тазалайт. *Г. Турдубаева.*

КҮМҮШ-АЗИЗ – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нундагы кыштак. Ырыс айыл округуна караштуу. Дениз денг. 715 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 2 *км* түн. тарапта. Шамалды-Сай т. ж. бекетинен 6 *км*. Калкы 4302 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Ачык типтеги «Достук» АК (Россия, Кырг-н), мамл. каттоо ишканасы, райондук электр ишканасы, тамактануучу жайлар, соода түйүндөрү иштейт. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП, окуу комбинаты бар.

КҮМҮШАЛИЕВА Сабира [19. 3. 1917, Пишпекке (азыркы Бишкек ш.) жакын Төкөлдөш кыш.– 14. 9. 2007, Бишкек] – кино ж-а театр артисти, Кыргыз эл арт. (1964), Кыргыз Эл Баатыры (2001). 1932-ж. Фрунзе пед. техникумун бүтүрүп, 1932–34-ж. башталгыч мектепте мугалим, 1934-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Т. Абдумомунов атн. Кыргыз акад. драма театрында актриса болуп иштеген. К. табигый таланты, аткаруучулук чеберчилиги м-н кино ж-а театр иск-восуна болгон сүйүүсү ширелишип, бүтүндөй жан дүйнөсүн ээлеп алган. Ар бир образдын жүзүн ачууда К. баарынан мурда каармандын мүнөздүк өзгөчөлүгүн табууга умтулган. 75 жылдык өмүрүн кино ж-а театр иск-восуна арнап, кыргыз театры м-н киносунда эле эмес, казак киносунда да өз изин калтырган. Ал алгач Карачач (К. Жантөшев, «Карачач»), Ситайхо, Зулайка (Ж. Турусбеков, «Ажал ордуна»), Телли (У. Гажибеков, «Аршин мал алан»), Зуура (М. Токобаев, «Кайгылуу Какей») ж. б. ролдорун аткарып, ийгиликке жетишкен. 40-жылдарда Кузька (Н. Погодин, «Ааламдын жаралышы»), Л. Шевцова (А. Фадеев, «Жаш гвардия»), Күлгаакы (К. Жантөшев, «Курманбек»), Батыйна, Бурма (Т. Абдумомунов, «Каркыралар кайтканда», «Жыгылган оогонго күлөт» ж. б.) сыяктуу каармандарды сахнага алып чыгып, чебер сүрөткер катары таанылган. О. эле комедиялык, курч мүнөздүү образдарды да мыкты аткарган: Фан-и (Цао Юй, «Тайфун»), Мастан (А. Көбөгөнов, «Болот менен Тынар»), Майсалбүбү (Т. Абдумомунов, «Тар капчыгай»), Оңолкан (Б. Жакиев, «Атанын тагдыры»), Шербет (А. Дыйканбаев, «Мүрөктүн суусу»), дүлөй кемпир (М. Тойбаев «Өчпөс жылдыз») ж. б. «Жапалак Жатпасов», «Алтын кыз», «Евгений Онегин», «Кыз жибекте» таасирдүү образдарды жараткан. Дүйнөлүк, кыргыз ж-а орус классикасында ондогон ролдорду («Отеллодо» Бьянка, «Он экинчи түндө» Мария, экөө тең У. Шекспирдики; «Бернард Альбанын үйү» Мария Хасефа, Г. Лорка; «Күнөөсүз күнөөлүүлөрдө» Гальчиха, А. Островский; «Акылдан азапта» Княгиня, А. Грибоедов ж. б.) чебер ойногон. Кинодо 1957-ж. биринчи жолу «Муз жүрөк жөнүндө баян» фильминде Айнакандын ролун аткарып, кийин «Эрте жаздагы турналар», «Жамийла», «Караш-караш окуясы», «Бакайдын жайыты», «Бөрү зындан», «Кызыл алма», «Ак куулар конгон айдын көл», «Лифти бар үйдөгү тепкичте», «Он үчүнчү небере», «Арман», «Атадан калган туяк», «Кыш өмүр», «Фудзиямадагы кадыр түн», «Эл ичинде» көркөм тасмаларында мыкты образдарды жараткан. Өзгөчө Уркуянын энесинин («Откөн кезим»), Карыздын («Ак кеме») бейнелери кыргыз киносундагы кайталангыс образдар болуп саналат. К. түрдүү пландагы масштабдуу мүнөз түзүүнүн өзгөчө чебери болгон. «Казакфильмдин» «Адам-бугу», «Боордошум», «Уул тууган», «Согуш учурундагы балдар» ж. б. тасмаларына тартылган. Акыркы ролдорунун бири «Курманжан датка» спектаклинде башкы каармандын ички жан-дүйнөсүн, кулк-мүнөзүн, кеменгерлигин, даткалык милдеттин оорлугун жеткиликтүү ачып берген. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак» белгиси, «Эл достугу» ордендери ж-а «Ак шумкар» медалы м-н сыйланган.



Т. Касымбеков, К. Сактанов. «Курманжан датка» (1989). Кемпир – С. Күмүшалиева.





Күмүшалиева С. – чоң эне. «Уркуя» фильминен көрүнүш. 1972.

КҮМҮШ КЕНТАШТАРЫ, к. *Полиметалл кенташтары.*

КҮМҮШТАК – Талас обл-нун Бакай-Ата р-нунун аймагы аркылуу аккан суу; Талас д-нын сол куймасы. Талас Ала-Тоосунун түн. капталынан башталып, түндүктү карай агат. Уз. 60 *км*, алабынын аянты 393 *км*². Негизинен кар, булак ж-а жаан-чачын сууларынан куралат. Май айында кирип, сентябрда тартыла баштайт. Жылдык орт. чыгымы 2,71 *м*³/*сек*, эң көп чыгымы июнь – июлда, азы февраль – мартта байкалат. Ири куймалары: Талды-Булак, Чоң Коңур-Дөбө. Негизинен сугатка пайдаланылат. К-тан 7 канал чыгарылган, алар 3,48 *м*³/*сек* суу өткөрө алат. Алабында Шапак, Кызыл-Кыргызстан, Боо-Терек кыш. бар.

КҮМҮШТАК БОР КЕНИ Талас обл-нун Бакай-Ата кыш-нан 25 *км* түштүктө, дениз денг. 2200 *м* бийикте. 1977-ж. табылган. Бор Күмүштак интрузиясынын түн.-батыш бөлүгүндөгү экзоконтакт м-н байланышкан. Ал жерде аксинит, кээде датолит м-н минералдашкан акиташтуу скарн кездешет. Бор ангидритинин өлчөмү датолиттүү скарнда 3–13%, аксиниттүү скарнда – 1,95–3,25%ти түзөт. Кээ бир линзалардын калыңдыгы 75–100 *м*, уз. 200 *м*. Бор кездешкен кенташтын болжолдуу ресурсу 1 млн *м*³ди түзөт.

КҮМҮШТАК КҮМҮШ КЕНИ Талас обл-нун Бакай-Ата р-нунда, Талас Ала-Тоосунун түн. капталында, Күмүштак суусунун алабында, дениз денг. 2600–3000 *м* бийикте. Кен 1934-ж. ачылган. 1978–84-ж. издөө-баалоо иштери жүргүзүлгөн. Кендин аймагында уз. 50–70 *м*ге жеткен кен казып алган байыркы издер кезигет. Кендин геол. түзүлүшүнө акыркы рифейдеги алевролит катмарчасынан турган акиташ, кумдук горизонттору ж-а кызыл түстүү алевролиттер катышкан. Бул эки түрдүү катмардын жантайган чек арасы м-н кварц-мангано-сидерит кени байланышкан. Калыңдыгы 0,4–3,1 *м*, уз. 230–740 *м* болгон онго жакын катталышкан тулкулар бөлүнгөн. Негизги минералы – күмүштүн сульфоантимонити. Кенташтагы күмүштүн орт. өлчөмү 203–269,4 *г/т*. C_2 категориясы б-ча запасы 1484 миң *т*, болжолдуу ресурсу 6260 миң *т*. Күмүш – 301,6 *т*, болжолдуу ресурсу 1686,9 *т*. Кенден сурьма, коргошун, висмут, жез, цинк, мышьяк, күкүрт алууга болот.

КҮМҮШТАК РОГОВИК КЕНИ Талас обл-нун Бакай-Ата р-нунда, Бакай-Ата кыш-нан 13–16 *км* түш.-батыш тарапта, Талас Ала-Тоосунун түн. капталында, дениз денг. 3512 *м* бийикте. 1969- ж-а 1982-ж. чалгындалган. Кен аймагын акыркы рифейдеги талкаланган акиташ м-н аны жиреп чыккан гранит интрузиясы түзөт. Акиташ м-н интрузиянын чегинде темгилдүү роговик, скарн, мрамор пайда болгон. Булардын ичинен эң коозу роговик, анын пироксендүү, диопсиддүү, кварц-диопсиддүү, пироксен-амфиболдуу 4 түрү кезигет. Алардын ичинен баалуусу – диопсиддүү роговик. Өңү жашыл сымал боз, кара, кызгылт көк, ачык кызыл темгилдер учурайт. Уз. 1 *км*ге созулуп, келки дөңсөөгө айланган. Сайда, коктуда жер бетине чыгып жатат. Жылмалап сайкалдаганда кайталангыс кооз чиймелерди берет. Кенири диапозондуу кооз такталарды алууга болот ж-а кооз буюмдарды жасоого жарамдуу. Баланстагы запасы А категориясы б-ча 4,5 миң *т*, В – 8,9 миң *т*.

КҮМҮШТАК ТООСУ – Талас Ала-Тоосунун түн. тармагы. Бакай-Ата р-нунун аймагында. Күмүштак, Үрмарал сууларынын (Таластын сол куймалары) ортосунда түштүктөн түндүккө карай 36 *км*ге созулуп жатат. Туурасы 18 *км*. Орт. бийикт. 3100 *м*, эң бийик жери 4251 *м*. Бийик түш. бөлүгүнүн кыры тик чокулуу, аскалуу келип, мөңгүлөр кездешет, түндүгү Талас өрөөнүн карай жапыздайт. Батыш ж-а чыгыш капталдары тик ж-а чукул, айрым жерлери капчыгайлуу. Негизинен рифейдин акиташ теги, акиташ чополуу сланец, филлит, кумдук, алевролит тектеринен турат. Тоодон Карагайлы, Коёндуу, Чийим-Таш, Чоң-Жол, Коңур-Дөбө ж. б. суулар башталат. Жарым чөл ж-а кургак талаа (2700 *м* бийикке чейин), бадал токой аралашкан шалбаалуу талаа (2700–2900 *м*), субальп ж-а альп шалбаасы, шалбаалуу талаа (3500 *м*ге чейин), андан жогору нивалдык-гляциалдык ландшафттар мүнөздүү. Жайыт.

КҮН (sun) – *Күн системасынын* борборунда жайгашкан шар формасындагы өтө ысык плазма

абалындагы асман телосу; Жерге өтө жакын, башкы жылдыздарга караганда толугураак изилденген орт. өлчөмдөгү жылдыз. G2 спектрдик классындагы, 71% суутектен, 26% гелийден ж-а 1%тен көбүрөөгү башка элементтерден (кычкылтек, көмүртек, неон, азот, темир, магний, кремний, күкүрт, аргон, алюминий, никель, натрий, кальций) турган, өзү жаркыроочу газ массасын түзгөн сары кидик (карлик) жылдыз. К-гө *телескоп* м-н байкоо жүргүзүүнү 1611-ж. Г. Галилей баштап, анын бетиндеги тактар ж-а өз огунда айлануу мезгили аныкталган. Спектрдик анализ ыкмасынын өнүгүшү К-дүн физ.



Күн. Күндүн түзүлүш схемасы.

шарттары ж-а 1814-ж. немис физиги Й. Фраунгофердин К. спектриндеги кара жутулуу сызыктарын табуусу м-н хим. курамы изилдене баштаган. К-дө К. системасынын массасынын 99,866% и топтолгон. Планеталардын массасы К. системасынын массасы*нын* 1/700 бөлүгүн түзөт. К. биздин Галактиканын борборунан 10 *кпс* аралыкта жайгашкан ж-а айлануу мезгили 240 млн жыл, ылдамдыгы (жакынкы жылдызга салыштырмалуу) $19{,}7\times10^3$ *м/сек* ж-а жашы болжол м-н 5×10^9 жыл. Абс. жылдыз чоңдугу +4,83, бетиндеги темп-ра 5770 *К*, ортосундагы темп-ра 15×10^6 *К* ж-а ошонун негизинде гравитация күчүнө туруштук берүүчү басымды ($3{,}4\times10^{16}$ *н/м²*) пайда кылат. Мындай жогорку темп-рада суутектин гелийге айланышынан (фотосферанын бетинен чыккан энергия $3{,}86\times10^{26}$ *Вт*), б. а. термоядролук реакциянын негизинде өзүнүн энергиясын мейкиндикке таратат. Мындай ыргаалдуулукта 4,6 млрд жылдан ашык нурлантып келет ж-а 4% суутек гелийге айланып, массасынын 0,03% и энергияга айланган. Күндүн ичинде конвекциялык ядро реакциясы болуп турат. Күн секундасына болжол м-н 1,88 *эрг/г* энергия бөлүп чыгарат. Энергия бөлүп чыгаруунун натыйжасында К. минутасына 240 млн *т*, жылына 132×10^{12} *т* массасын коротот. К-дүн бетиндеги гравитациялык күч Жердикинен 27 эсе чоң, б. а. 273,98 *м/сек²*, массасы $1{,}990\times10^{30}$ *кг*, орт. тыгыздыгы $1{,}41\times10^3$ *кг/м³* ж-а көлөмү $1{,}41\times1027$ *см³*, орт. радиусу (сфералык фотосфера) – 700 000 *км*, диаметри $1{,}39\times10^6$ *км*. Бул Жер массасынан 330 000, радиусунан 110 эсе көп. К-дүн дээрлик бардык энергиясы анын борбору – ядросунан чыгат. Ядро К-дүн 1/1000 көлөмүн ээлейт (диаметри 450 000 *км*) ж-а орточо тыгыздыгы 160 *г/см³*. К. бир нече катмардан турат ж-а анын курамындагы заттар нурду начар өткөргөндүктөн, ядродон фотосферага нурлануу өтө жай жүрөт – 10 млн жыл. Бул мезгилде нурлануучу рентген нурларынын жыштыгы азайып, көзгө көрүнүүчү жарык болуп калат. К-дүн радиусунун 27%ин (445 000 *км*) конвекция аймагы түзөт. Өз огундагы орт. айлануу мезгили 25,4 күн, эклиптикага болгон кыйшаюусу 7,25°. Айлануу К-дүн 0,005%тин түзгөн К. дискинин кысылуусу м-н коштолот. Айлануу ылдамдыгы К. атм-сын[illegible] ар түрдүү тактардын кыймылы ж-а К. [illegible]нин четиндеги спектр сызыктарынын жы[illegible] б-ча аныкталат. Жерге жакын (149,5 [illegible]же 1 а. б.) ж-а Жердеги жашоо шарт К-дү[illegible]рлануусуна толук көз каранды. К. ил. жа[illegible] үч негизги себептүү кызыкчылыктарды [illegible]урат. Биринчиден, К. – Жерге эң жакын [illegible]лдыз ж-а фотосферасынын бурчтук өлчөмү [illegible]53°. Мындай аралыкта К. атм-сынын майда ж-а татаал бөлүктөрүн байкоо ыңгайлуу. Экинчиден, анын өтө начар радио ж-а рентген нурлануусу белгиленип, ургаалдуулугунун борбордон сырткы дискин карай жогорулай тургандыгы байкалат. Бул диапазондогу нурлануу жогорку хромосферада ж-а төмөнкү таажыда пайда болот. Үчүнчүдөн, Жер орбитасы К. атм-сын пайда кылуучу К. шамалынын ичинен өтөт ж-а *космос аппаратынын* жардамы м-н курамындагы заттардын үлгүсүн алууга, атм-сына түздөн-түз байкоо жүргүзүүгө ылайыктуу (к. *Күн атмосферасы*). Жер орбитасында К. шамалынын плазмасынын темп-расы жай Күн мезгилинде ~10^4К, активдүү мезгилинде 4×10^5К. К. шамалы 1 *сек* ичинде 10^{27} – 10^{29} *эрг* энергияны мейкиндикке таратат ж-а секундасына бир миллион тоннадай зат жоготот. К. шамалынын таасирин кометаларда байкоого болот.

Ад.: Звезды и звездные системы. М.,1981; *Маров М. Я.* Планеты солнечной системы. 2-е изд. М., 1986; *Куликовский П. Г.* Справочник любителя астрономии. 5-е изд. М., 2002. *А. Борсокеев.*

КҮН – *сутканын* жарык бөлүгү; Күн чыккандан батканга чейинки убакыт, б. а. Жер өзүнүн огунда айлануусундагы жарык тийип турган бөлүгү. К-дүн узактыгы геогр. кендикке жараша болуп, Күндүн жантайышына карата өзгөрөт. Экватор кендигинде К-дүн узактыгы жыл бою бирдей болуп, 12 саатка барабар. Түн. ж-а түш. жарым шарда (уюлга чейин) Күндүн жантайышына жараша эң узун К. (21-июндун тегереги) ж-а эң кыска К. (22-декабрь ченде) болот, к. *Күндүн узактыгы, Сутка.*

КҮН АКТИВДҮҮЛҮГҮ – *күн атмосферасында* мезгили м-н болуп туруучу ар кандай кубулуштар. Аларга тактар, *факелдер, флоккулалар, протуберанецтер*, Күн таажысында жаркыроолор, ультракызгылт көк, рентгендик ж-а корпускулалык нурлануу ж. б. кирет. Күн плазмасынын магниттик касиети м-н тыгыз байланышкан фотосферанын бир бөлүгүндө магнит агымынын көбөйүшү К. а-нүн башталышын билдирет. Магнит агымы көбөйүшү м-н хромосферада жаркырактык көбөйөт. Бул облус флоккула деп аталат. Күн фотосферасынын участкаларында көзгө көрүнүүчү ак жарыктан факелдер байкалат. Факел ж-а флоккул бөлүнүп чыккан жердеги энергия көбөйөт, ал магнит талаасынын чыңалышын жогорулатат. Активдүү бөлүктө флоккула пайда болгондон 1–2 күндөн кийин [illegible] тактары кичине кара чекиттер түрүндө б[illegible]лат. Алардын көпчүлүгү тез эле жок болот. [illegible]ли айрымдары ири күңүрт тактарга айлан[illegible]птүү күн тактарынын өлчөмү бир нече о[illegible]н миң *км*ге жетет. Күн тактарынын маани[illegible]өзгөчөлүгү – күчтүү магнит талаасынын п[illegible] болушу. К. а-нүн өтө кубаттуу көрүнүшү [illegible]чтүү жарк этүүлөр. Алар хромосферанын ж-а таажынын чоң эмес бөлүктөрүндө байкалат. Жарк этүү – негизинен Күн плазмасынын кысылышынан пайда болгон жарылыш. Кысылыш магнит талаасынын күчтүү басымы астында өтөт. Жарк этүү – Жер атм-сынын жогорку катмарына ж-а ионосферага күчтүү таасирин тийгизет ж-а бир нече геофиз. кубулуштарды пайда кылат. Күн атм-сындагы зор активдүүлүк – протуберанецтер. Эң күчтүү (максимум) К. а. 11 жылда кайталанып турат. Бул К. а-нүн цикли деп аталат.

КҮН АТМОСФЕРАСЫ – Күндүн байкоого мүмкүн болгон сырткы бети. К. а. бир канча түрдүү катмардан турат. Анын көзгө көрүнгөн нур чыгаруучу ички жука бөлүгү – фотосфера. Фотосферанын калыңдыгы 300 *км*, тыгыздыгы болжол м-н $3\cdot10^{-4}$ *кг/м³*, темп-расы 5700° *К*ден 4500° *К*ге чейин (к. *Фотосфера*). Анын үстүндө 14 *км*ге созулган х р о м о с ф е р а жайгашкан ж-а тыгыздыгы 10^{-9} *кг/м*, темп-расы 5000° *К*ден 50 000° *К*ге жетет. Фотосферада Күн тактары ж-а факелдери байкалат. Алардын диаметри 200 миң *км*ге жетет. Эң жогорку ж-а өтө сейректелген тышкы катмары К ү н т а а ж ы с ы деп аталат. Ал Күн дискин Ай тосуп калып, Күн толук тутулганда байкалат. Хромосферадан Күн таажысына өткөндө (100) темп-ра жогорулап, 50 миңден 2 млн *К*ге жетет. Күн таажысында (Күн бетинен ~10 миң *км*) бөлүкчөлөрдүн ылдамдыгы бир канча жүздөгөн *м/сек* ж-а бир канча радиус аралыкта үн ылдамдыгына жакын ылдамдыкка жетет. Таажыдагы газдар дайыма Күндөн чыгып турган плазманын ысык агымын ж-а Күн шамалын пайда кылат.

КҮН БАТАРЕЯСЫ – Күн нурунун энергиясын түздөн-түз электр энергиясына өзгөртүүчү жарым өткөргүчтүү фотоэлектр генератору. К. б. констр. түзүлүшү б-ча Күн элементтеринен (КЭ) турган жалтырак кабык м-н капталган жалпак панел түрүндө болот. Селенден жасалган алгачкы К. б. 1920-жылдарда пайда болгон. КЭнин саны бир канча жүзгө, панелдин аянты ондогон *м²*, чыңалуусу ондогон *В*ко, кубаттуулугу ондогон *кВт*ка жетет. Жарым өткөргүчтүү материалдардын (кремний кристаллы) эки катмарынан турат ж-а жарык экинчи бөлүктүн чегине чейин жетип, электрондорду кыймылга келтирип, ток



Чагылткычтын иштөө принциби.

пайда кылыш үчүн үстүнкү катмары жука болуш керек. К. б. – космосто учуучу аппараттардын өзүнчө электр энергиясын алышынын негизги булагы. О. эле орбитанын көлөкө бөлүгүндө колдонулуучу электр хим. аккумуляторлорду заряддайт. Жерде көчмө радиостанцияда ж-а радио кабыл алгычта энергия булагы катары колдонулат. К. б-нын жалпак же ичин көздөй кабырылган панели – к ү н к о л л е к т о р у. Ал – ийилчээк кара түтүктөрдүн, үй чатырына жылан сымал орнотулган ысык суу м-н камсыз кылуучу системанын жакшыртылган түрү.

КҮН БАТЫШ – *батыш*, маграб, кыбыла түшүнүктөрүнүн синоними.

КҮНГӨЙ, ч а г а т, к ү н ө с – күнөс жер же тоонун күн тийген, түш. капталы. *Тескей* бетке караганда каксоо, кургак ж-а жылуу келет. Токой аз өсөт. Мал чарбасында кыштоо катары мааниси зор. Геогр. аттардын курамы катары да кездешет: Күнгөй Ала-Тоо, Күнгөй-Тоо (Кыргыз Ала-Тоосунун түш. тармагы), Күнгөй (Кадамжай р-нундагы кыштак) ж. б.

КҮНГӨЙ АЛА-ТОО – Түн. Теңир-Тоодогу кырка тоо. Каркыра өрөөнүнөн Боом капчыгайына чейин кеңдик багытта 285 *км*ге созулат. Түштүгүнөн Ысык-Көл, түндүгүнөн Чоң Кемин ж-а Челек мегасинклиналдары м-н чектешет. Кемин-Челек тоо тоому аркылуу Иле Ала-Тоосу м-н туташат. Басымдуу бөлүгү Ысык-Көл р-нунун аймагында. Орт. бийикт. 4200 *м*, эң бийик жери 4770 *м* (Чок-Тал чокусу). Тоо кескин асимметриялуу: түш. капталы жантайыңкы, узак (15–20 *км*), түндүгү тик, чукул (6–9 *км*). К. А.-Т-до тектон. көтөрүлүүдөн пайда болгон рельефтин 3 ярусу бар. Жогорку ярусу палеозойдун аягынан миоцендин башталышына чейин пайда болуп, тоо кырларында (4000–4400 *м*, батыш жагында 2400–3800 *м* бийикте) пенеплен калдыктары түрүндө кездешет. Калган эки (ортоңку, төмөнкү) ярусу неоген-антропогенде калыптанып, тектон. кыймылдын көчүшүнөн К. А.-Т. бийик тоого айланган. Адегенде (Pg–N_1) тектон. көтөрүлүүнүн

ылдамдыгы жылына 0,02–0,04 *мм* болсо, кийин жылына 3–6 *мм*ге жеткен. Антропоген мезгилинин орто ченинде тоолордун абс. бийикт. 3600–4000 *м* болгон. Андан бери да тектон. кыймылдар токтобой, чоң кыйроолор жүргөн, көлдөр пайда болгон. Буга Верный (1887), Челек (1889), Кемин (1911), Кемин-Чүй (1938) ж. б. жер титирөөлөрү далил болот.

К. А.-Т. – геол. структурасы татаал мегантиклиналь. Түндүгүнөн Челек-Кемин мегасинклиналынын тектон. жаракалары м-н чектелип, түштүгүнөн тектон. жаракалар аркылуу Ысык-Көл мегасинклиналына такалат. Тоону негизинен кембрийге чейинки метаморфизмделген тоо тектер, палеозойдун башталышындагы жанар тоо-терриген ж-а карбонат катмарлары, девондун порфирит-туфтуу формациясы, карбондун башталышы м-н ортосунда пайда болгон терриген-карбонат чөкмөлөрү түзөт. Тоонун көп бөлүгүндө кембрийге чейин ж-а палеозойдун башталышында пайда болгон гранитоид интрузиялары, чулу тоо тектердин үстүндө кайнозойдун континенттик борпоң чөкмөлөрү кездешип, айрымдары жер көчкүлөрдүн рельефин түзөт. К. А.-Т-до бири-биринен келишпестик беттери м-н бөлүнгөн структуралык кабаттар (палеозойго чейинки фундамент, каледон ж-а альп структуралары) бар. Кен байлыктарынан палеозойдун гранитоиддери м-н байланыштуу болгон полиметалл, молибден, вольфрам, жездин чакан кендери белгилүү. Мындагы табигый курулуш материалдары жерг. курулуштарда ж-а жол салууда кенири пайдаланылууда. Карбон мезгилинин акиташ теги кенинин базасында респдагы ири ишкана – Күрмөнтү цемент з-ду иштейт.

Төртүнчүлүк мезгилде К. А.-Т-ну ири мөңгүлөр ээлеп, азыркыдан (370,7 $км^2$) кыйла чоңдук кылган. Бул мөңгү чөкмөлөрү Чолпон-Ата м-н Чоң Ак-Суу сууларынын ортосунда неоген катмарынын үстүндө жатып, Чолпон-Ата морена комплексин түзөт. Ал Чолпон-Ата суусунун (Теке-Төр) нугунан 560 *м* калыңдыкта жатат. Азыр мөңгү аз. Алар негизинен Кемин-Челек тоо тоомунда жайгашкан. Мөңгүлөрдөн көп суу башталат. Тоодогу өрөөндөрдүн төмөнкү бөлүктөрү кууш (терең капчыгайлуу), жогорку жагы байыркы мөңгүнүн таасиринен тепши сымал. Байыркы мөңгү шилендилерин (мореналарын) ж-а тоо этегиндеги неогендин үстүн каптап турган мөңгү таштардын калдыктары Теңир-Тоонун башка аймактарынан анча байкалбайт.

Тоонун ландшафттары бийиктик зоналуулугуна ж-а каптал экспозициясына жараша өзгөрөт. Түн. капталы нымдуу (жылдык жаанчачыны 700 *м*ден кем эмес), өсүмдүктөрү жыш, күнгейи каксоо. Кырка тоонун түш.-батыш учуна (Балыкчынын тегереги, Боом капчыгайынын кептеш жерлерине) таштан[illegible]нөл ландшафты мүнөздүү. Күнгөй бетиндеги [illegible]рым чөлдө (1900–2400 *м* бийикке чейин) чө[illegible]к шыбак, чекенди, терскен ж. б. өсүмдүк[illegible]асымдуу. Талаа алкагы (батышында 2400–[illegible]0 *м*, чыгышында 1900–2400 *м*) чопо ж-а кум[illegible]алаш коңур топурактуу келип, кызыл от, [illegible]ак, бетеге, айгыр жыгар ж. б. өсөт. Чыгыш[illegible]үгүндө андан жогору мезофилдик ландшаф[illegible]үнөздүү, кокту-колоттордо, терең капчыгай[illegible]арда түрдүү бадал, карагай токой (Чолпон-Ата суусунан чыгышты карай, өзгөчө Чоң ж-а Кичи Ак-Суу алаптарында) көп. 2800–3000 *м*ден жогору субальп, альп шалбаалуу талаа (батышында), шалбаа (чыгышында) ландшафттары өнүккөн. К. А.-Т-нун тескейи күнгөйүнөн кескин айырмаланат. Тоонун этегинен тартып чокусуна чейин мезофилдик же нымдуу ландшафттар басымдуулук кылат. Төмөнкү алкак (1500–2000 *м*) кара конур ж-а кара топурактуу; ага буудайык, кой жалбырак, ат кулак, түлкү куйрук, тенге чөп, каз таман ж. б. өсүмдүктүү шалбаалуу талаа мүнөздүү. Токой Жалгыз-Тал м-н Орто-Кой-Суу сууларынын аралыгында, 2000–2800 *м* бийикте туташ тилкени түзүп, негизинен карагай, арча, ыргай, четин, аларга шалбаа чөптөр аралаш өсөт. Андан жогорку (2900–3100 *м*) шалбаалуу субальп алкагында түлкү куйрук, шимүүр, каз таман, байчечекей, көбүргөн, чыйпылдак, тулан, өлөң чөп ж. б. басымдуу. Альп шалбаа алкагы (3100–3400 *м*) кыска чөптүү, андан жогору нивалдык-гляциалдык алкак мүнөздүү.

К. А.-Т-догу ашуулар (Байсоорун, бийикт. 3780 *м*; Сүттүү-Булак, 3900 *м*; Кууганды-Төр, 3800 *м*; Ак-Суу, 4150 *м*; Дөрө, 3734 *м*; Тору-Айгыр, 3250 *м*; Калмак-Ашуу, 3500 *м* ж. б.) Ысык-

КҮНГӨЙ АЛА-ТООСУ





Күнгөй А[illegible]ронун түн. капталы. Чоң Ак-Суу өрөөнү.

Көл өре[illegible]н Алматы ш., Чоң Кемин ж-а Челек өрөөндө[illegible]ж-н байланыштырат.

Ад.: *Б[illegible]ев К.* Растительность бассейна реки Чон Кемин. Ф., 1959; *Аширахманов Ш.* Почвы Кеминской долины. Ф., 1963; *Токомбаев Ш.* Чоң Кемин өрөөнү. Ф., 1964; Климат Киргизской ССР / Под ред. З. А. Рязанцевой. Ф., 1965; Справочник по климату СССР. Вып. 1–34. Л., 1964–75; 2. История физико-географических станций и постов. Ф., 1965; Атлас Киргизской ССР. М., 1987; Кыргызстан географиясы / Энциклопедиялык окуу куралы. Б., 2004; *Качаганов Ш.* Геоморфология и палеогеография бассейна р. Чон-Кемин в четвертичное время. Б., 2011.

Ш. Качаганов.

КҮНГӨЙ-КОЖОКЕ – Ош обл-нун Ноокат р-нундагы кыштак. Н. Исанов атн. айыл округуна караштуу. Деңиз денг. 1440 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ноокат ш-нан 20 *км* түш.-чыгыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 62 *км*. Калкы 3985 (2007); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, медпункт бар. Кыштакка жакын балдар эс алуучу жайлар жайгашкан.

КҮНГӨ КҮЙҮҮ – Күндүн ультра-кызгылт-көк нурунун таасиринен меланин пигменти көп жыйылып, киши терисинин карарышы. К. к-до жүрөк-кантамыр ж-а нерв системасынын иши, зат алмашуу жакшырып, организмдин жугуштуу ж. б. ооруларга байымдуулугу артат. Мындан сырткары сөөк системасына керек, кандын уюшуна, көпчүлүк ферменттердин активдүүлүгүнө таасир этүүчү кальцийдин ичегиде сиңишин күчөтүүчү Д витамини пайда болот. К. к. бардык кишилерге пайда келтирбейт. Күнгө акырындык м-н күйүү зарыл. Күнгө өтө узак кактануу ден соолукка зыян. Күндө болуу тартибин туура сактабаса, организм өтө ысып, күн өтүп дерматит (терининн күйүп кетиши) болушу мүмкүн. Улгайган кишилер, 2 жашка чейинки балдар, кош бойлуулар, о. эле өнөкөт оорулуулар, нерв ж-а жүрөк-кан тамыр оорулары м-н жабыркагандар узак К. к-гө жарабайт.

КҮНДӨЛҮК – күн сайын жазылуучу оздук, ил., коомдук мүнөздөгү эскермелер. К. жазуу айрыкча жазуучуларга мүнөздүү. Алар үчүн К. ар түрдүү максатта пайдаланылышы мүмкүн. Мис., жазуучу өзү көргөн, күбө болгон окуялады К-ко түшүрөт. Чыгарма жазганда ал К-төгү материалдарды түздөн-түз сюжетке киргизет. О. эле окуяны, кездешүүлөрдү, жаратылыш көрүнүштөр сүрөттөп жазганда аларды кадимкидей поэтикалык ан-сезимден өткөрөт б. а. К-түү өз алдынча адабий форма катары пайдаланат. Мис., У. Абдукаимовдун Улуу Ата Мекендик согуштун күндөрүндө жазган К-ү. Адабий форма катары каармандын же автордун ички дүйнөсүн чагылдырууда өзгөчө бир мүмкүнчүлүктөрдү ачып берет; 18-к-дын акырынан кенири тараган (романтизмдин алдындагы ад-т).

КҮНДҮН ТУТУЛУШУ – Күндүн бетин Ай толук же жарым жартылай тосуп өткөндөгү көрүнүш, к. *Тутулуу*.

КҮНЖАРА – май өсүмдүгүнүн уругунан майы сыгылып алынгандан (экстракциялоодон) кийин калган калдык; белок ж-а майы көп концентраттык тоют. К. амин к-талык курамы ж-а биохим. баалуулугу б-ча дан эгиндеринин белогунан жогору турат. Мис, *күн карама* К-сында 40,9% протеин, 6,8% май, 10,7% суу, 8,5% клетчатка, 26,3% азотсуз заттар, 6,8% күл болот. К. белогунда лизин, метионин, цистин ж-а триптофон көп. К. ж., о. эле кальцийге, фосфорго, В тобундагы витаминдерге бай, каротин аз. К. ж-нын нымдуулугу 12%тен ашса көгөрүп, сапаты жоголот.

КҮН КАРАМА (Helianthus) – өсүмдүктөрдүн таатаал гүлдүүлөр тукумундагы уруусу. К. к-нын 50гө жакын түрү (негизинен бадал, чала бадал ж-а чөп) Түн. Америкада, 28 түрү (бадал сымал) Мексика, Перуда өсөт. Көпчүлүгү – көп жылдык өсүмдүк. Бир жылдыгынан майалынуучу К. к. (H. annuus), көп жылдыгынан топинамбур К. к-сы (H. tuberosus) эгилет. Линза сымал К. к. (H. lenticularis) отоо чөп катары кезигет. Кооздук үчүн өстүрүлүүчү түрлөрү: бадыраң сымал К. к. (H. cucumerifolius), учтуу жалбырактуу К. к. (H. agrophyllus) ж. б. Эгилме (май алынуучу) К. к. өзөк тамырлуу (жерге 2–3 *м* терең кирет), сабагы жоон, түз (бийикт. 0,6–2,5 *м*), жалбырагы жазы, учтуу келип, түкчолүү. Гүлү сары, айрымдары көк, топ гүлү – себетче (диаметри 10–40 *см*).



Курт-кумурска аркылуу кайчылаш чаңдашат. Данеги сыртынан катуу кабык м-н капталган. Вегетация мезгили 80–140 күн. Күнөстүү кара топурактуу жерге жакшы өсөт. Данегинде 27–57% май болот. Майы

тамак-аш ө. ж-нда (маргарин, консерва жасоодо, кондитер өндүрүшүндө ж-а нан бышыруудa), о. эле самын жасоо ж-а лак-боёк өндүрүшүндө кеңири колдонулат. Калдыгынан *күнжара*, шрот даярдалат. Майдаланган жалбырагы ж. б. тоют катары пайдаланылат. КМШ өлкөлөрүндө эгилме К.к-нын майды көп берүүчү, илдетке, зыянкечке туруктуу сорттору чыгарылып, 26дан ашык сорту райондоштурулган. Негизинен Украина, Түн. Кавказ, Молдавия, Батыш Сибирь, Казакстан, Кырг-нда өстүрүлөт. К. к-нын үрөнүнө кызылча шиш тумшугу, күн карама бүлбүлдөгү, беде көпөлөгү ж. б. зыян келтирет. Илдеттери: склеротиниоз, *кара чирик*, дат илдети ж. б.

Ад.: *Зинченко Б. А.* Подсолнечник – высокопродуктивная культура. М., 1987.

КҮН КОЛЛЕКТОРУ – Күн энергиясын чогултуп жылуулук алуучу жалпак түзүлүш (панель). Ал суу м-н камсыз кылуучу системага туташтырылган ийилчээк кара түтүктөрдүн, имарат чатырына жылап сымал орнотулган ысык суу м-н камсыз кылуучу системанын жакшыртылган түрү. Күн энергиясын өзүнө алуу м-н суюктукту айлантат (циркуляциялайт). Жылуулукту коромжуга учуратпоо үчүн мандайкы бети айнек м-н жабылып, калган бөлүгү жылуулук изоляциялоочу корпуска жайгаштырылат. Жаны тунук изоляциялоочу полимер же кремний диоксидинин майда тешиктүү гели ж. б. материалдарды колдонуу м-н п. а. к. жогорулайт.

КҮН КҮРКҮРӨӨ – атм-да чагылганды коштоп чыккан добуш. Чагылган жолунда басым ж-а темп-ра өтө тездик м-н жогорулап, абанын термелишинен күркүрөө пайда болот. Узакка чейин жаңырык болуп, ал адатта 15–20 *км* аралыкка чейин угулат. Чагылгандын огу узун болгондуктан, анан ар кайсы бөлүгүндөгү үн кишиге бир убакта жетпейт, о. эле үндүн булуттан чагылышынан К. к-нүн жаңырыгы бир топко созулат, үндүн добушу да түрдүүчө болот.

КҮНӨӨ – кылмыш жасаган адамдын кылмыш ж-а анын кесепетине карата психикалык мамилеси. К. атайылап ж-а байкабастан жасалган болуп бөлүнөт. Атайылап жасалган кылмыш күнөөнүн бир түрү (формасы) ж-а кылмыш курамынын субъективдүү жагынын негизги белгилеринин бири болуп саналат. Атайылап жасалган кылмыш тикелей же кыйыр ниетте жасалат. Жеңил ойлуулук же этиятсыздык м-н жасалган туура эмес аракеттер байкабастыктан жасалган кылмышка жатат. Негизинен кылмыштар К-нүн бир эле түрү м-н жасалып, кээ бирде байкабастыктын кесепети атайылап жасалган кылмыштан да оор болгон учур болот. Кылмыштуу аракет К-нүн кош формасында бардык учурда атайылап жасалат, ал эми анын оор кесепети байкабастыктан келип чыгышы мүмкүн. Мындай учурлар кылмыш курамынын оордотуучу белгилерине кирет, б. а. күнөөнүн кош түрү кылмыш курамынын оордотуучу белгилеринде гана болот. Мында бирөө атайылап, ал эми экинчиси байкабастыктан жасалган бир эле кылмыш курамында эки кылмыштын биригип турганы көрүнөт. Экөө биригип, К-нүн кош формасын түзөт. Ошондуктан кылмыштуу аракеттин (атайылап) ж-а анын кесепетине (байкабастык) карата болгон адамдын субъективдүү мамилесине жараша мындай кылмыштар К-нүн кош (татаал) формасында жасалган кылмыш катары эсептелет.

А. Бодобаев.

КҮНӨӨСҮЗДҮК ПРЕЗУМПЦИЯСЫ (лат. praesumptio – божомол, жоромол) – сот тарабынан атайын айып тагылмайынча айыпкерди күнөөлүү деп кароого (табууга) жол бербей турган укук. К. п. жеке адамдын укугун сактоо үчүн атайын Декларациянын негизинде 1789-ж. Парижде кабыл алынган. Ал көпчүлүк күнөөдон айыпкердин болгон мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп коргонуусу, бардык укуктардан пайдалануу шарт түзүп берүү максатын караган. Бул статья б-ча айыпкер өзүнүн күнөөсүз экенин далилдөөгө укуктуу, бирок милдеттүү эмес болуп саналат, б. а. анын күнөөлүү экенин ошо күнөөнү койгон киши (тергөөчү, прокурор) далилдеши керек. Тергөөчү айыпкерди күнөөлүү деп тапкандан кийин ал прокурор тарабынан текшерилип, сотко ашырылат. Сот өкүмү ошол мамлекеттин атынан чыгат, ошондуктан айыпкерди күнөөлүү дешке сотко гана укук берилген. Мындан тышкары соттолгондон кийин да күнөөлүү адамдын жогорку инстанцияга арыздануусуна укук берилет.

КҮН СИСТЕМАСЫ (solar system) – тартылуу күчүнүн таасири м-н Күндү эллипс орбита б-ча тегеренип кыймылдоочу *планеталар*, жандоочтор, *астероиддер*, *кометалар*, *метеорлор*, газчандуу болукчолор ж. б. асман телолору. Ага Күндүн өзү, анын 48 жандоочусу, 9 зор планета, 100 000ден ашуун кичине планеталар, о. эле метеордук уюктан орун алган сансыз көп телолор кирери белгилүү. К. с-нын радиусу $2 \cdot 10^5$ а. б. га ($3 \cdot 10^{18}$ *см*ге) барабар. К. с-ндагы борб. тело – Күн. Күндүн массасы бардык К. с-нын массасынын 99,866%ин, Юпитердики 0,095%ин, Сатурндуку 0,029%ин, калган бардык телолордуку 0,010%ин түзөт. Планеталар байыркы убакта эле белгилүү ж-а болжол м-н 4,6 млрд жыл мурун пайда болгон. Кийин так изилдөөлөрдүн натыйжасында *Уран* (1781), *Нептун* (1846), *Плутон* (1930) планеталары ачылды. К. с-ндагы планеталар массасы, хим. курамы, айлануу ылдамдыгы ж-а жандоочуларынын саны б-ча эки топко бөлүнөт: зор ж-а Жер тобундагы планеталар. Жер тобундагы планеталар – *Меркурий*, *Чолпон*, *Жер*, *Марс* ташту заттардан ж-а металл компоненттеринен турат. Массалары салыштырмалуу аз ж-а жандоочу бар. Ай Жердин жандоочусу ж-а Жер массасынын 1/81ин түзөт. *Плутондун* жандоочусу *Харондун* массасы м-н дал келет. Сырткы планеталар – *Юпитер*, *Сатурн*, Уран жана Нептун. Атм-сы суутек гелийден турат ж-а борбор ташту ядросунун массасы 10дон 20га чейинки Жер массасындай. Алардын бардыгынын жандоочулары ж-а шакекчелери бар. Эң чоң ж-а кубаттуу шакекче Сатурнга тиешелүү. Ал эми эң алыс жайгашкан *Плутондун* физ. касиети тышкы планеталардан айырмалуу, ошондуктан бул курамга кирбейт. Плутондун массасы Айдын 1/4 массасын түзөт ж-а бошонгон жандооч болушу мүмкүн деп болжолдонот. К. с. *Галактикада* кыймылдоо м-н айрым учурларда жылдыздар аралык газ-чаң тумандарын аралап өтөт. Күндөн өтө алыскы аралыкта планеталардын пайда болушу үчүн заттар жетишерлик деңгээлде эмес. Ошондуктан Нептундун орбитасынан алыскы аралыкта зор планеталардын болушу мүмкүн эмес. Бирок көп астрономдордун ою б-ча К. с-н сфералык түрдөгү кометалык булут Оорта – Эпика куурчап турат ж-а жакынкы жылдызга чейинки 1/3 аралыкта жайгашкан. К. с-нын радиусу болжол м-н 40 *а. б.* ж-а жакынкы жылдызга чейинки аралык 270 000 *а. б*-ти түзөт.



КҮН-ТУУ – Чүй обл-нун Сокулук р-ндагы кыштак. Күн-Туу айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 875 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сокулук кыш-нан 17 *км* түш.-чыгыш тарапта. Шопоков т. ж. бекетинен 15 *км*. Калкы 3825 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенип, мал м-н алектенет.

КҮНҮМДҮКТӨР (Ephemeroptera) – мүүнөк буттуулар тибинин курт-кумурскалар классынын бир түркүмү. К. өтө байыркы жандыктар тобуна кирет. Өтө жөнөкөй түзүлүштүү канаты бар, уз. 2–40 *мм*ге жетет. Алдыңкы канаты арткысынан чоңураак. Көз биринин арткы канаты болбойт. Курсагынын арткы бөлүгүндө 3 куйрук жипчеси бар. Анын имагосу азыктанбайт. оозу толук жоюлган. Ичегилери аба капчыкчаларына айланган. К. өтө жай учат. К-дүн дүйнө б-ча 2000ден ашык түрү белгилүү. КМШ өлкөлөрүндө 200дөн ашык түрү тараган. Негизинен суу жээгинде кездешет. Имагосу бир күндөн бир нече күнгө чейин жашайт. Толук эмес өөрчүү жолу м-н көбөйөт. Уруктандыргандан кийин эркеги өлөт, ургаачысы бир нече миң жумурткасын сууга туурат. Тирүү туучу түрлөрү да кездешет. К. 3 жылда 25тей жолу түлөп, имагого айланат. К. – балыктын негизги азыгы.

КҮН ЧЫГЫШ – горизонттун бир тарабы, Күн чыгып келе жаткан жак; к. *Чыгыш*.

КҮН ЭЛЕКТР СТАНЦИЯСЫ – Күн радиациясынан электр энергиясын алуу үчүн колдонуучу түзүлүш. Күзгүлүү системанын жардамы м-н чогултулган күн нуру буу казанына багытталат. Ал жерде пайда болгон буу турбогенераторду аракетке келтирүү үчүн колдонулат. Буу казанынын ордуна термоэлектр генераторун пайдалануу болот. К. э. с-нын п. а. к. 15%тен ашпайт, салыштырмалуу кубаттуулугу жылуулук электр станциясына (ЖЭСке) караганда бир канча жогору.

КҮН ЭНЕРГИЯСЫ – Күн радиациясынан алынган энергия. 1 $км^2$ аянтка түшкөн энергиясы 4 миң *МВт*ка барабар, аны м-н анча чоң эмес шаарды жылуулук ж-а жарык м-н камсыз кылууга болот. К. э. үйлөрдү жылытууда Күн коллекторунда ж-а жарым өткөргүч материалынан жасалып, электр энергиясын алуу үчүн *Күн батареясында*, *Күн электр станциясында* колдонулат. К. э-нын жылуулук, электр ж. б. энергиянын булактарын алууда айлана-чөйрөгө зыян келтирбейт, тескерисинче калыбына келтирилүүчү энергия болуп эсептелет. К. э. – башка бардык энергия түрлөрүнүн (атом энергиясын кошпогондо) булагы (к. Күн).

КҮН-ЭЛЕК – Ош обл-нун Алай р-ндагы кыштак. Ленин атн. айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1960 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 22 *км* түш. тарапта. Ош т. ж. бекетинен 103 *км*. Калкы 1235 (2009); негизинен дыйкан ж-а мал чарбасында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КҮПЧӨК, с т у п и ц а – *валга* же окко бириктирилүү үчүн көзөнөгү бар айлануучу тетиктин (*маховик*, *шкиф*, тиштүү дөңгөлөктүн ж. б.) борб. бөлүгү. К-түн көзөнөкчөсүнүн көбүнчө шпондуу оюгу же айлануу моментин берүүчү шлиц профили (к. *Тиштүү дөңгөлөк*) бар. Эгер тетик октo эркин кыймылдаса, К-түн көзөнөгүнө *втулка* пресстелип же *подшипник* жайгаштырылат. К-түн узундугу көзөнөгүнүн диаметринен чоң болуш керек.

КҮРДДӨР (өздөрүн к ү р д, к у р м а н ж деп аташат) – Батыш Азиядагы эл, Күрдстандын негизги калкы. Түркия, Иран, Ирак, Сирия, о. эле Армения, Грузия, Казакстан, Азербайжан, Ливан, Афганстан, Түркмөнстан, Казакстан, Кырг-н, Германия, Франция, Нидерланд, Швейцария, Австрия, Белгия, Россияда да жашашат. Жалпы саны 35 млнго жакын киши (2009). Күрд тилинде сүйлөшөт. Динге ишенгендердин көпчүлүгү мусулман-сунниттер, башкадын туткандары да бар. 14–18-к-да К. Иран ж-а Осмон империясына көз каранды болгон. Осмон империясы кулагандан кийин, ага тиешелүү К-дун аймактары Түркия, Ирак, Сирия мамлекеттерине өткөн. Натыйжада Түркия, Ирак, Сирия, Иранда К. улуттук дискриминацияга кабылган. Күрдстанда улуттук-маданий укуктары үчүн К-дун көтөрүлүштөрү болуп турган. 19-к-дын аягында миграция процесси күч алып, Түркия ж-а Ирандан К. Закавказьеге көчүрүлгөн. К. Армения, Азербайжан (1937) ж-а Грузиядан (1944) Казакстанга, О. Азияга депортацияланган. СССР кулагандан кийин Казакстан, О. Азия ж-а Закавказьедеги К. Краснодар ж-а Ставрополь крайларынын алыскы райондоруна, Ростов обл-на ж-а Адыгэ Респ-на көчүп кетишкен. К. дыйканчылык ж-а мал чарбачылык м-н кесиптенип, дубалы топуректан же таштан тургузулган, бир же эки кабаттуу үйлөрдө, көчмөндөрү – жайкысын чатыр, кышкысын жер төлөлөрдө жашаган. Эркектери чалбар (колбойгон кең шым), көкүрөк жагы ачык, узун жеңдүү көйнөк, түйүлгөн чыптама, суукта кийиз же жүндөн даярдалган кийим кийип, белине кур байлап, канжар тагынган. Аялдар кездеме чалбар, узун көйнөк, чыптама кийип, кур курчанган. Тамак-ашы – негизинен эт, сүт, дан азыктары.



КҮРДСТАН ТООЛОРУ, К ү р д т о о л о р у Армян ж-а Иран тайпак тоолорунун асташкан жеринде, Түркия, Иран ж-а Ирактын аймактарында жайгашкан. К. т. кырка тоолордун ж-а тоо массивдеринин татаал тармактарынан турат; эң бийик жери 4168 *м* (Жило чокусу). Кыры жайпагыраак, капталдары тик, капчыгайлар көп; эң бийик кырларында (алып тибиндеги) чакан мөңгүлөр бар. Климаты субтропиктик; жаан-чачыны түш.-батыш капталдарында 1000–3000 *мм*, түн.-чыгыш беттеринде 400–700 *мм*. Түш. капталдарында жер ортолук деңиздик токой ж-а бадалдар (маквис, эмен токою, мисте ж-а арча сейрек токою), түн. беттеринде тоо-талаа өсүмдүктөрү өсөт. Жайпак чокуларын алып шалбаасы эөлейт. Көчмөн мал чарбасы мүнөздүү; дарыя өрөөндөрүндө бак-дарак, буудай, жүгөрү, арпа өстүрүлөт. К. т. көбүнчө Армян Тавр тоолору деп аталат.

КҮРД ТИЛИ – күрддөрдүн тили. К. [illegible]России, О. Азия, Түркия, Иран, Ирак, Сири[illegible] Афганстан, Ливан мамлекеттерине тараган. [illegible]ен тилдеринин батыш тобуна кирет. Негиз[illegible] түн.-батыш (курманжи) ж-а түш.-чыгыш ([illegible]и) диалектилерине бөлүнөт. К. т-нин жазма [illegible]ракта (араб графикасына негизделген) ж-а [illegible]ссияда бар. Кийин 1921-жылдан орус алфав[illegible]не негизделген.

КҮРКҮРӨК ГАЗ – эки көлөм суутек м-н бир көлөм кычкылтектин аралашмасы. Түтандырганда жарылат, көпшөк платинанын катышуусунда күйөт. К. г. (темп-расы 2800°Сге чейин) кварц, платина ж. б-ды эритүү, металлдарды кесүү ж-а ширетүү үчүн колдонулат.

КҮРКҮРӨӨ – Талас өрөөнүнүн батышындагы суу, Ассанын бир курамы. Кара-Буура р-нунун аймагында. Уз. 56 *км*, алабынын аянты 454 *км*^{2}. Талас Ала-Тоосунун Манас чокусундагы (4482 *м*) ж-а Байдамтал, Чыңгыз ашууларынын түндүгүндөгү мөңгүлөрдөн башталат. Терс м-н көшулуп, Асса суусун түзөт. Алабынын орт. бийикт. 2870 *м*. Эки ири куймасы бар: Когондү (сол, уз. 24 *км*) ж-а Аташ-Чапкан (оң, уз. 32 *км*). Өрөөнүнүн таманында ж-а беттеринде булактуу саздак жер көп. Алабында мөңгү ж-а 4 көл (жалпы аянты 0,08 *км*^{2}) бар. К. тоо аралап шар агат. Тектирчелерди пайда кылат. Кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Көп жылдык орт. чыгымы 5,98 *м*^{3}/*сек*, июлдуку 16,0 *м*^{3}/*сек*, марттыкы 2,23 *м*^{3}/*сек*. Июнь–июль айларында кирип, сентябрда тартыла баштайт. Тоодон чыккандан кийин 13 каналга бөлүнөт. Кара-Буура р-нунун дыйкан чарбаларынын ж-а Казакстандын Тараз обл-нун чарбаларынын айдоо аянттары сугарылат. Боюнда Кок-Сай, Арчагул, Кайнар, Шекер, Аманбаев кыш. жайгашкан.

КҮРМӨК – дан өсүмдүктөр тукумундагы бир же көп жылдык чөп; шалынын зыяндуу отоо чөбү. Бийикт. 15–100 *см*, жалбырагы катуу озоктүү ж-а сызыкчалуу. Ал оно баштаганда шалыдан ажыратуу кыйын. Жер шарынын ысык ж-а мелүүн алкактарына таралган. КМШ өлкөлөрүнүн Европа бөлүгүндө, Кавказда, Батыш, Чыгыш Сибирде, Ы. Чыгышта, Борб. Азияда өсөт. К. шалыдан 15–25 күн эрте бышып, күбүлүп, даны топуракта 20 ж-га чейин сакталат. Каршы күрөшүү чаралары: тондурма айдоо, аңызды маалында малалоо, өсүмдүктүн катар аралыгын жумшартуу, шалы эгилген талаанын 8–10 күн бою 15–27 *см* терендикке чейин көлдөтө сугаруу.

КҮРМӨНТҮ – Ысык-Көл обл-нун Түп р-нундагы кыштак. Сары-Булак айыл округуна караштуу. Күнгөй Ала-Тоонун этегинде, Түп булуңунан түндүгүрөөк, Күрмөнтү суусунун ж-а Балыкчы – Каракол автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1789 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Түп кыш-нан 8 *км* түн.-батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 182 *км*. Калкы 3041 (2009); негизинен дыйкан ж-а мал чарбаларында эмгектенет. Күрмөнтү цемент з-ду, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү бар. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, [illegible]ад-т үйү, оорукана бар. Кыштакта илимпоз[illegible]ыкчы, коомдук ишмер К. *Каракеев* туулган.

КҮРМӨН[illegible] АКИТАШ КЕНИ Ысык-Көл обл-нун Түп р-ну[illegible], Күрмөнтү кыш-нан 1,5 *км* түн. тарапта. [illegible]39–84-ж. Кыргыз геология башкармалыгы, «Средазгеолнеруд» трести, Курулуш материалдарын өндүрүү министрлиги чалгындаган. Кен аймагында антропогендеги делювий-пролювий чөгүндүлөрү кеңири тараган. Ар кайсы жерде акиташ теги, конгломерат жер бетине чыгып жатат. Пайдалуу катмар каралжын боз, агыш боз акиташ тегинен турат. Акиташ теги таш көмүр мезгилинде пайда болгон, аянты 3,5 *км*^{2}ге жеткен массивди түзөт. Катмарынын калыңдыгы 80 *м*. Акиташ теги жогорку сорттогу «600» маркасындагы тез катуучу цемент м-н 1-сорттогу аки алууга жарамдуу. Акиташ тегинин бекитилген запасы: А категориясы б-ча 1144 миң *т*, В – 5043 миң *т*, C_1 – 13534 миң *т*, C_2 – 34149 миң *т*. Кен ачык казылып алынып, Күрмөнтү цемент з-ду пайдаланат.

КҮРМӨНТҮ БАТКАК КЕНИ – Ысык-Көл обл-нун Түп р-нундагы дары баткак жаткан жер. Күрмөнтү кыш-нын түш. тарабындагы Күрмөнтү булунунда жайгашкан. 1965-ж. табылган. Кендеги дары баткак көлдүн түбүндө 3–4 *м* терендикте, күкүрттүү суутек жыттанган кара ж-а каралжын боз түстөгү илешчээк ылайдан турат. Калыңдыгы 0,6–0,8 *м*. Аның астындагы ныкталган бозомук ылай терендеген сайын чопого өтөт. Баткак аз минералдашкан (3,5–5,4 *г/л*) күкүрттүү суутек (H_2S) 100 *г* баткакта 153 *мгга* жетет. Нымдуулугу 60%тен көп. с. салм. 1,2–1,5 *г/см*. Рн – 7,8–8,6. Орг. заттардын өлчөмү 1,31–3,65%. Эсептелген запасы 49 миң *т*. Ысык-Көл курорт аймагы үчүн мааниси чоң.

КҮРМӨНТҮ ТЕМИР КЕНИ Нарын р-нунда, Жетим кырка тоосунун түш. капталындагы Күрмөнтү суусунун башталышында. 1956-ж. табылган. Кен аймагын рифей-венддин аягында пайда болгон терригендүү тектер түзөт. Темир кени конгломерат-сланец катмарында топтолгон. Аның линза сымал тулкусу гематит-магнетит ж-а магнетиттен туруп, туурасы 100–400 *м*, уз. 3,5 *км*ге созулган тилкеге айланат. Кондициялык өлчөмү 35–40%ке чейин. Запасы 169 млн *т*.

КҮРМӨНТҮ ЧОПО КЕНИ Ысык-Көл обл-нун Түп р-нунда. Күрмөнтү кыш-нан 2,5 *км* батыш тарапта, Күнгөй Ала-Тоонун түш.-чыгыш этегинде. Кен аймагында антропогендеги делювий-пролювий чөкмөлөрү кеңири тараган. Мындагы чопо катмарынын калыңдыгы 1–22 *м*ге жетет. Катмардын арасында шагыл, кум кездешет. Чопо күрөң сары түстө. Гранулометриялык курамы: 0,005 *мм*ден майдасы – 21,41%, 0,005–0,01 *мм* – 21,39%, 0,05–0,01 *мм* – 42,25%, 0,25–0,05 *мм* – 10,59%, 0,5–0,25 *мм* – 0,95%, 1–05 *мм* – 1% ж-а 1 *мм*ден кесеги – 2,44%. Хим.-технол. касиети б-ча жогорку маркадагы портланд-цемент, кыш, «75», «100» маркасындагы карапа, «500», «600», «700» маркасындагы аглопорит алууга жарактуу. Запасы $A+B+C_1$ категориясы б-ча 1483 миң *т*. Кен карьерден казылып, чопону Күрмөнтү цемент з-ду пайдаланат.

КҮРМӨНТҮ ШААР КАЛДЫГЫ – 8–12-к-га таандык археол. эстелик. Ысык-Көлдүн Түп булунунда жайгашкан. Жалпы көрүнүшү тик бурчтуу, аянты 220–320 *м*. Казуу убагында бакса дубалынын урандысы, карапа идиштер, жаныбарлардын сөөктөрү табылган.

КҮРӨӨКАНА, *к. Ломбард*.

КҮРӨК БУТТУУ МОЛЛЮСКАЛАР (Scaphopoda) – деңизде жашоочу раковиналуу моллюскалар классы. Уз. 1,5 *мм*ден 15 *см*ге чейин. Денесинин эки капталы бирдей. Буту күрөк сымал, топурак казууга ыңгайланган. Раковинасы узун, түтүк сымал, ийилген, үстүндө тешиктери бар. Башында оозу ж-а көп сандаган жипке окшош өсүндүлөрү болот. Алар тамак издөө ж-а кармоо үчүн кызмат кылат. Көзү жок. Бакалоору жеңекойлеңген же жоюлган. Кан айлануусу бутунун ыргактуу кыймылы м-н ишке ашат. Булардын 2 түркүмгө, 26 урууга кирген 1000дей түрү бар. Негизинен тропик деңиздеринин түбүндө жашайт. Айрым жыныстуу. Личинкалары сүзүп жүрүп, 5–6 күндөн кийин суунун түбүнө түшөт. Топурак казып, тиричилигин өткөрөт.

КҮРӨҢ АЮУ (Ursus arctos) – аюулар тукумундагы сүт эмүүчү. Дене уз. 2,55 *м*ге, бийикт. 1,35 *м*ге, салм. 600 *кг*га жетет. Евразия ж-а Түн. Америкасынын түздүктөгү ж-а тоодогу токойлорунда кезигет. Кырг-нда бул түр Теңир-Тоо, Алай, Памир тоо кыркаларында кеңири таралган. Көбүнчө Арпа, Ак-Сай, Алай, Сары-Жаз, Чаткал ж. б. тоолордун кокту-колотторун, сыртарды мекендейт. Ал бадал арасында, аска, тоо этектеринде ж-а бийик



алкакта кезигет. Суур, балык сыяктуу жаныбарлар ж-а дарак, бадал мөмөлөрү м-н азыктанат. Бир жерден экинчи (азыктуу, коопсуз) жерге ооп жашайт. Кеч күзгө чейин семирип, кышында узакка чээнге кирет. 3 жашында куутка катышат. Ургаачысы чээнге киргенден кийин декабрь, январда уйку абалында 1–2 мамалак тууйт. Мамалагы чала уйкуда жаткан энесинин эмчегин ээмп, бат чоңоёт. Күзгө чейин мамалагынын салмагы 30 *кг*га жетет. Териси, майы үчүн кармалат. Барган сайын саны азаюуда. Ошондуктан бул түрдү сактап калуу үчүн 1963-ж. аларды атууга, кармоого тыюу салынган. 1975-жылдан КРдин Кызыл китебине катталган.

КҮРӨҢ БАЛЫРЛАР (Phaeophyta) – споралуу өсүмдүктөр тиби. Храмотофорасында фукоксантин болгондуктан, өңү күрөң. Бардык К. б. көп клеткалуу, субстратка бекип жашайт. Бир клеткалуу, колониялуу өкүлдөрү жок. Талломунун көлөмү бир нече *мм*ден 40 *мг*е жетет. Сырткы көрүнүшү б-ча бутактуу пластинка, жип, тасма, көпчүлүгү жалбырак-сабактуу татаал түзүлүштүү өсүмдүктү элестетет. Клетка чел кабыгынын сырткы бөлүгү пектин затынан туруп, ал былжырлуу, ички бөлүгү целлюлоза катмарын түзөт. Татаал түзүлүштөгүлөрүнүн (ламинария) ткандары жиктеле баштаган. К. б-дын көп клеткалуу түктөрү бар, башка балырларда андай түктөр жок. Клеткасы, адатта бир ядролуу, кабыгы целлюлоза, ольгин, фукоидин заттарына бай. Көбөйүүсү вегетациялык талломдордун үзүндүлөрү аркылуу, жыныссыз (зооспоралар, тетраспоралар аркылуу, фукустардан башкасы) ж-а жыныстык (изогамия, гетерогамия, оогамия) жолдор м-н жүрөт. Көбөйүү органы – 1 же көп уялуу спорангий. К. б-дын 240 тукуму, 1500дөн ашуун түрү бар. 3 уруусу тузсуз сууларда, калгандары деңизде жашайт. Андан алгин к-тасы ж-а анын туздары, тоют уну, медицинада колдонулуучу йод, микроэлементтер алынат. Айрымдары тамакка пайдаланылат.



Күрөң балырлар: 1 – саргассум; 2 – ыйлаакчалуу фукус; 3 – ламинария; 4 – алария.

КҮРӨҢКӨЕВ Муратаалы, к. *Муратаалы* Күрөңкөев.

КҮРӨҢКӨЙ Белек уулу (1826, Ысык-Көлдүн Талды-Булак айылы – 1907, ошол эле жер) – залкар комузчу, дастанчы. Улуу комузчу Муратаалынын атасы. Бала чагынан чоор, сурнай, керней тарткан, кийин комуз черткен. Атасы Белек Шабдан хандын сурнайчысы, керней чиси болгон. «Камбаркан», «Ботой», «[illegible]ез», «Шыңгырама», «Кара өзгөй», «Камбарка[illegible]», «Көк сандал», «Сары үңкүр», «Тайбала» ж. б. [illegible] күүлөрдү аткарган. «Жаныш-Байыш», «Му[illegible] Зарлык», «Эр Табылды» дастандарын айтка[illegible]. Композитор М. Раухвергер «Чолпон» балетин[illegible]-дүн «Тайбала», В. Фере «Кыргызстан» аттуу [illegible]фониясына «Көк сандал» күүсүн пайдаланган.

КҮРӨҢ КӨМҮР – байыркы доорлордогу өсүмдүктөрдүн калдыктарынан пайда болгон көмүр. Жылуулук берүү жөндөмдүүлүгү б-ча таш көмүрдөн начар, чым-көңдөн жогору. Чым-көңдөн тыгыздыгы, өсүмдүктөрдүн калдыктарынын аздыгы, таш көмүрдөн кара күрөң түсү, күлдүүлүгү, абада тез бузулушу, күрөң түскө өтүп кетиши м-н айырмаланат. Курамында көмүртек 55–78%, суутек 4–6,5%, кычкылтек 15–30%ке жетет. Жылуулук берүү энергиясы 5400–7400 *ккал/кг*. Энергетикада, суюк отун, синтетикалык зат, газ, жер семирткич өндүрүп алууда хим. сырьё катары колдонулат. Таш көмүр мезгилинен неогенге чейинки тоо тек катмарларында кездешет. Айрыкча мезозой, кайнозой замандарына мүнөздүү. Эң жука кабыкчадан ж-а 100–120 *мг*е чейинки калыңдыктан турат. Ири кендери Кырг-ндын аймагында көп жолугат. Мис., Көк-Мойнок – Кара-Кече көмүр бассейни, Кызыл-Кыя көмүр кени ж. б.

КҮРӨҢ ТОПУРАК – кургакчыл дарак, бадал, чөп өскөн, сууга жуулбас топурак тиби. Кышы жумшак, жайы салкын, кургак субтропик климат шартында түзүлөт. Түн. Европа, Түн. Африка, Алдынкы Азияда, Кытайда, Индстан ж. а-нда, Мексика, Аргентинада ж. б.; КМШ өлкөлөрүндө Крымдын түштүгүндө, Борб. Азия м-н Закавказьенин тоолуу аймактарында кездешет. Кырг-ндын жалпы жер аянтынын 9%ке жакынын ээлеп, Батыш Тянь-Шандын түн. беттеринин топурагы К. т. болот. К. т-тын тик профили үч катмардан (горизонттон) турат. Үстүнкү А катмары күрөң, жумшак (борпоң) чириндилүү келип, бүртүкчө структуралуу. Ал төмөнкү В катмарына акырындык м-н өтөт. В катмары бир аз нык ж-а чополуу келип, кесек бүртүк структуралуу; сууга жуулбас бөлүкчөлөрдөн (агрегаттардан) турат. Андан төмөнкүсү – топурак пайда болуучу катмарга билинбей өтөт, ал саргыч, карбонаттуу, жеңил ж-а орг. чополуу, бир аз кесек кум, таш аралаш чөгүндү тоотектен турат. К. т-та чиринди 3,5–4%тен 3–12%ке чейин жетип, төмөн карай акырындык м-н азаят. Топурак сиңирме комплексинде кальций ж-а магний туздары көбүрөөк. Реакциясы жегичтүү ж-а нейтралдуу. К. т-туу жер дан эгиндерин, мөмө-жемиш бактарын өстүрүү үчүн ж-а чабынды, жайыт катары пайдаланылат.

КҮРӨӨ – карызды өз убагында төлөөнү камсыз кылууга (кээде борбордук банктар аныктоочу шарттарда) [illegible]олган мүлк же башка баалуулуктар. Карызд[illegible]р К-нүн милдеттенмелерин аткарбаган учурд[illegible]редитор коюлган мүлктүн наркынан өзүнүн [illegible]абын канааттандыруу укугуна ээ болот. К-н[illegible] түрү колдонулат: 1) күрөө предметин кар[illegible]берүүчүгө өткөрүүчү туруктуу К.; 2) күрөөгө [illegible]олган мүлк күрөө берүүчүнүн ээлигинде кал[illegible] жүгүртүүдөгү товар түрүндөгү К., ал бул мүл[illegible] коюлган К-нүн милдеттенмелери б-ча карызды бир мезгилде жабуу же жараксыз мүлктү о. эле баага же чоң суммага алмашуу шартында сатууга укуктуу; 3) күрөөгө коюучунун ээлигинде калган товар түрүндөгү кайра иштетилүүчү мүлк күрөөгө берүүчүнүн өндүрүшүндө кайра иштетилиши мүмкүн, мында мындай иштетүүнүн натыйжасы болуп эсептелген продукцияга да К. укугу жайылтылат.

КҮРП – тоок сымалдуулар түркүмүнүн кыргоолдор тукумундагы куш. Жапайы ж-а бакма түрлөрү бар. Жапайысы АКШ ж-а Мексикада кездешет. Тулкусу чоң, буту узун, денеси чымыр. Башы, моюну түксүз, алкым териси салбырап турат. Ургаачысы 10–15 жумуртка тууйт.



Күрптөр: 1 – кең төш күрп; 2 – көгүш күрп.

Корозунун салмагы 8 *кг*га жетет. Бакма К. жапайы түрүнөн чоң ж-а эттүү, салмагы 7–9 *кг* (боз К-түкү 20 *кг*га жетет). Эти – мүнөз азык, абдан жегиликтүү. Бордолгон К-түн этинде 55,5% суу, 44,5% кургак заттар (а. и. 21% белок, май 30%) бар. 310–340 күндүгүндө жумуртка тууй баштайт. Бир К. жылына 90дой (мыктылары 150гө чейин) жумуртка тууйт. 30–40 жөжө чыгарат. К. шалбаа ж-а аңызда жакшы оттойт. К. багуучу ири чарбаларда жыл бою эт, күз, кышта жумуртка алынат. К. 3 жашка чейин союлат. Жумуртка инкубациялоо мөөнөтү – 28 күн. К. дээрлик бардык өлкөлөрдө багылат. Негизги жугуштуу ылаңдары: пастереллёз, энтергепатит, спирохетоз, кокцидиоз, орнитоз ж. б.

КҮРПҮЛДӨК – Чүй обл-нун Панфилов р-нундагы кыштак. Күрпүлдөк айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 615 *км* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кайыңды шаарчасынан 24 *км* түш. тарапта. Кыштак 1932-ж. негизделген. Калкы 1578 (2009); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү бар. Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, соода түйүндөрү ж. б. иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КҮРТКҮ — шамалдан шиленип, ой ж-а ыктоо жерлерге жыйылып калган кар. Уз. бир нече *см*ден бир нече *мг*е, бийикт. 20–30 *см*ге (кээде 1,5 *м*) чейин жетет. Ылдамдыгы 5 *см/с*. Кардын сүрүлүп, жешилип жылмаланышынан тик, айдарым ж-а жантайыңкы ылымта капталдары пайда болот. К. негизинен уюлдук аймактарга таандык. Муз катмарларында ж-а карлуу өрөөндөрдө үстөмдүк кылган шамалдын багытын аныктоодо мааниси зор. К. Кырг-ндын тоолуу аймактарында көп учурайт.

КҮРҮЧ, к. *Шалы*.

КҮҮ – жыгачтан жасалган челек. Ичине куюлган майлуу сүттөн бишкек м-н бышып отуруп, ак май ажыратылып алынган. Ооз жагы кууш келип, уз. 60–80 *см*, түбүнүн айланасы 70–80 *см*, ооз жагынынкы 50–60 *см* болгон. Бишкеги 85–95 *см* жумуру таякчадан жасалган; учуна жазылыгы 2–3 *см*, уз. 15–18 *см* жыгач аштalып, кайчылаш бекитилген.

КҮҮ – кыргыздын аспаптык музыкасынын жалпы аты. Ал негизинен темир ж-а жыгач ооз комуз, комуз, кыл кыяк, сурнай, сыбызгы, чоор күүлөрү болуп бөлүнөт. К-лөр салт б-ча муундан муунга өтүп, программалык мазмунга ээ болгон, дастандардагы окуяларды, жаратылыш таасирлерин чагылдырган («Ат кетти», «Камбаркан», «Кара өзгөй», «Көкөй кести», «Жаа толгоо», «Ботой» ж. б.). К-нүн обондук-формалык курулушу, аткаруу ыргактары ар түрдүү. Бул Карамолдо, Муратаалы, Токтогул, Атай, Эркесарынын терең филос. мазмундагы айтым күүлөрүнөн көрүнөт. Комуз К-лөрү эл арасына кеңири тараган. Башка аспап К-лөрүнө караганда күүлөнүшү, муз. темалардын өнүгүшү, ыкмаларынын ж-а штрихтеринин байлыгы, программалуулугу м-н айырмаланып, түрдүү толгоо (оң, сол, чың, бош, кош, чың-кош, терс, бош-терс ж. б.) м-н күүлөнүп чертилет. К-лөрдүн мындай чертилиши «аралашма», «калтылдатып чертме», «терип чертме», «жанып чертме», «кол ойнотуп чертме» ж. б. көптөгөн ыкмалардын колдонулушун шарттайт, о. эле К-лөргө классикалык муз. өнөрдүн айрым элементтерин киргизүүгө мүмкүндүк берет. К. ийкемдүү, темпераменттүү келип, аягына чейин динамикалуу өнүгөт. Комуз К-сү үч үндүү. Ага туруктуу бас пайдаланылып, жарыша жүрүшү мүнөздүү. Бир

эле К-нүн бир нече варианты бар. Мындай учурда К. бирде узарып, бирде кыскарып, метроритмикалык белгилери өзгөрүп турат. Ошону м-н бирге комузчу мурдагыларды байыта турган интонацияларды киргизип, негизги теманы «өзөк» катары пайдаланат. Комуз К-лөрүн жанылоонун натыйжасында жаңы варианттар, бөтөнчө салт күүлөрдө жаңы үлгүлөр, позициялар пайда болгон. Алар жанрына жараша обон, залкар, айтым күүлөр деп, ал эми мазмунуна, аткарылышына, темасына жараша лирикалык («Секетбай», «Күйгөн», «Арман», «Кошок» ж. б.), эпикалык («Каныкейдин арманы», «Курманбек» ж. б.), салт («Кербез», «Шыңгырама», «Кара өзгөй», «Бекарстан» ж. б.), чертилишине жараша моюн («Камбаркан»), бел («Ибарат», «Насыйкат» ж. б.), аяк («Ботойлор» м-н «Шыңгырамалар» ж. б.) К-лөр деп бөлүнгөн. Обон К-лөрдү К-нүн эң байыркылары деп болжоого болот. Обон К-лөр кимге арналса, ошонун аты («Ак Зыйнат», «Ак Мөөрдүн арманы») же автордун ысмы («Боогачынын обону», «Осмонкулдун обону», «Калмураттын обону») м-н тараган. Обон К-лөр айтым К-лөрдүн жаралышына данек болгон. Айтым К-лөрдөгү өзгөчөлүк – эң таталл ыкмаларды колдонуп чертүү, муз. маанилеринин өнүгүшүнө ылайык колду түрлөнтө, кубулта ойнотуу. Айтым К-лөрдүн классикалык үлгүлөрүнө «Ак тамак, Көк тамак», «Маш ботой», «Тогуз кайрык», «Чайкама», «Айдараалынын көйрөң күү» ж. б. кирет. Айтым К-лөрдүн улуу устаттары Токтогул, Ниязаалы, Айдараалы, Жантакбай, Атай, Серек, Коргоол ж. б. болгон. Комуз музыкасындагы негизги жанр – залкар (кара) күүлөр. Алар ойго бай кайрыктарга ээ болуп, кол ойнотулбай, бир калыпта, салмактуу чертилет. Залкар К-лөрдү ыр же сөз коштобойт, күү чертилер алдында гана анын эмнеге арналганы, кандай окуялар баяндалары кара сөз м-н чечмеленген. «Манас» эпосу баштаган кенже дастандардын (эпизоддорунун) негизинде да баяндамалуу (программалуу) К-лөр («Чоң казат», «Алмамбет менен Чубак», «Каныкейдин арманы», «Алмамбеттин арманы» ж. б.) чыгарылган. «Көкөй кести», «Сынган бугу», «Ибарат», «Насыйкат», «Жаш тилек» ж. б. залкар күүлөрдүн классикалык үлгүлөрүнө кирет. Залкар К-лөрдүн улуу чеберлери Арстанбек, Кыдыр аке, Боккөтөн, Кудайберген, Муратаалы, Майлыбай, Сейилкан, Карамолдо, Ыбырай, Чалагыз ж. б. болгон. Салт К-лөр да кенири өнүккөн («Камбаркандар», «Ботойлор», «Кербездер», «Шыңгырамалар», «Толгоолор», «Бегарстандар», «Кайрыктар» ж. б.). Кээ бир К-лөр куштардын сайраганын, жорголордун жүрүштөрүн ж. б. тууроонун негизинде чыккан («Токто, чором, найза сал», «Булбул сайрап таң атты», «Жүрүш күү», «Байге» ж. б.). Залкар комузчулар Музооке, Күрөнкой, Боккөтөн, Арстанбек, Белек, Бурулча, Абак, Капал, Койду, Жантакбай, Кыдыр акенин өнөрлөрүн Кудайберген, Токтогул, Муратаалы, Ниязаалы, Айдараалы, Карамолдо, Атай, Ыбырай, Эркесары, Шекербек, Асылбек, Орозбай, Намазбек ж. б. өөрчүткөн. Октябрь рев-ясынан кийинки кыргыз комузчуларынын К-лөрү (Ы. Тумановдун «Жаш тилек», «Боз салкын», «Кеңеш», «Паровоз», «Женишь», «Жүрөгүм Москва», «Тынчтык», К. Орозовдун «Колхоз камбарканы», «Ферме камбаркан», «Бешик күү», А. Огомбаевдин «Маш камбаркан», «Салтанат камбаркан» ж. б.) ошол доордун маани-маңызын чагылдырат. Мурда К-лөр жеке аспапта ойнолсо, кийин ансамблдин (к. *Комузчулар ансамбли*) жетекчилигинде (к. *Кыргыз мамлекеттик академиялык эл аспаптар оркестри*) аткаруусунда жаңы мазмунга, көп түстүүлүккө ээ болду. М. Абдраев, К. Молдобасанов, Н. Давлесов ж. б. композиторлор комуз К-лөрүнүн үлгүсүндө оркестр үчүн К-лөрдү («Жаштык күү», «Комуз күүсү», «Карылык», «Тогуз кайрык», «Жол жорго» ж. б.) жазышты. А. Жумакматов, Э. Жумабаев симф., эл аспаптар оркестрлери ж-а «Камбаркан» этногр.-фольклордук ансамбль үчүн ондогон К-лөрдү иштеп чыгышты. Композиторлор К-лөрдү операларга («Айчүрөк», «Токтогул», «Манас», «Жаш жүрөктөр», «Көкүл», «Олжобай менен Кишимжан» ж. б.), балетке («Анар», «Чолпон», «Селкинчек» ж. б.), симф. аспаптык чыгармаларга кеңири пайдаланышты. Кыргыз К-лөрү алгачкы жолу А. Затаевич тарабынан нотага түшүрүлүп, «Кыргыздын 250 аспаптык күүсү жана обону» деген ат м-н 1934-ж. Москвадан басылып чыккан. В. Виноградовдун «Токтогулдун музыкалык мурасы» (1961), «Муратаалы Күрөнкөев» (1962) деген эмгектеринде изилденип, «Кыргыз музыкасынын антологиясына» (1974) киргизилген. 125 күүнү камтыган «Залкар күүлөр» деген диск чыгарылган (2001). Б. Алагушовдун «Комузчулар өнөрү» (1976), Б. Алагушов, Т. Медетовдун «Карамолдонун күүлөрү» (1977), Ч. Исабаевдин «Комуздун тандалма күүлөрү» (1987), «Кылымдардын кылдары» (2005) аттуу эмгектеринде изилденген.

Ад.: *Виноградов В. С.* Музыка советской Киргизии. М., 1939; Кыргыздын элдик музыкасы. Ф., 1958; Музыкальное наследие Токтогула. М., 1961; *Алагушов Б.* Комузчулар өнөрү. Ф., 1976. *Б. Алагушов.*

КҮҮГҮМ, и ң и р — күн батканда кийин атмда байкалуучу оптикалык кубулуш; күндүзгү жарыктан түнкү караңгылыкка акырындык м-н өтүү мезгили. К-дүн узактыгы күн батканда жасалма жарыкты күйгүзгөнгө чейинки убакыт аралыгы м-н аныкталат; ал экваторго жакындаган сайын кыскарып, жердин геогр. кендигине жараша болот. К-дүн гражд. (Күндүн горизонттон 6° кендикке чейин батышы), навигациялык (6°тан 12°ка чейин), астр. (12°тан 18°ка чейин) түрлөрү болот. Жайында (июнда) жогорку кендиктерде (Түн. жарым шарда) күн бир топко чейин туруп, кечки К. таңкы шоола м-н кошулат, буурул түндөр байкалат. Мындай окшош кубулуштарды Түн. жарым шарда кышында (декабрда) байкоого болот. Кыргыздарда күн чыгар алдындагы К. – таңкы шоола, таңкы мунарык же үрөң-баран, үрүл-бүрүл деп аталат.

КҮҮЛӨМӨ МӨҢГҮСҮ – Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 5,0 *км*, аянты 5,1 *км*², көлөмү 0,2 *км*³. Кызыл-Суунун башталышы куймасы – Күүлөмө суусунун төрүнөн орун алган. Башы деңиз деңг. 4900 *м*, этеги 3240 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 37[illegible] *м*, абляциясынын аянты 1,6 *км*². Мөңгүдөн Күүлөмө суусу башталат.

КҮҮЛӨНТКҮЧ, м а х о в и к – түрдүү машиналардын кыймылдаткычынын жетелөөчү октолгоочуна (валына) орнотулган алкактуу дөңгөлөк. Энергия запасын жогорулатуу үчүн көбүнчө К-түн салмагын алкакка топтоп, ал эми октолгоочтун огуна жакын жагы жука жасалат. Бензин кыймылдаткычында же буу машинасында айлануу моментинин термелүүсүн текшилеп, ар бир иш тактысында энергияны жутуп алып, кайра аларга берип турушу м-н октолгоочту бир калыпта айландырып, машинанын бир калыпта иштешин камсыз кылат.

КҮЧ м е х а н и к а д а – берилген материалдык нерсеге башка нерсенин мех. таасиринин чени; оз ара аракеттенүүсүнүн мех. ченин көрсөтүүчү вектордук чондук. Бул оз ара аракеттенүү нерселер бири-бири м-н тийишип турганда (мис., басым, сүрүлүү), о. эле алыс турган нерселер оздөрү түзгөн талаа (тартылуу талаасы, электр-магнит талаасы) аркылуу жүзого ашырылат. К. нерсеге аракет кылганда, нерсе ылдамдыгын озгортот да, ылдамдануура ээ болот же деформацияланат. К. – убакыттын ар кандай учурунда сандык мааниси, мейкиндиктеги багыты, аракет этүү чекити м-н мүнөздолот. К-түү кошуу паралелограмм эрежеси м-н түшүндүрүлөт. К-түн багытына дал келген түз сызык К-түн аракет этүү сызыгы деп аталат. Эгер нерсени деформацияланбаган (абс. катуу) нерсе деп алсак, К-түү аракет этүү сызыгынын каалаган чекитине жайгаштырсак болот. К. с т а т и к а л ы к ж-а д и н а м и к а л ы к ыкма м-н олчонот. Статикалык ыкма олчонүүчү К-түү мурда белгилүү К. м-н тең салмактоого, ал эми динамикалык ыкма динамика законуна $F=ma$ негизделген. Эгерде нерсенин массасы m ж-а анын инерциялык эсептөө системасына салыштырмалуу эркин алга умтулуу кыймылынын ылдамдануусу a белгилүү болсо, бул закондон К-түү (F) табууга болот. К-түн бирдиги (СИде) – 1 *ньютон* (1*Н*), массасы 1 *кг* болгон нерсеге 1 *м/сек*² ылдамдануу бере турган К-ко барабар; 1*дин* = 10^{-5}*Н* ж-а 1 *кгк* = 9, 81 *Н*.

КҮЧАЛА, к у с т у р у у ч у ж а ң г а к (Stychnosnux vomica) – өсүмдүктөрдүн стрихностор уруусуна кирген дайыма жашыл дарак. Азия, Африканын ж-а Түн. Австралиянын тропик токойлорунда өсөт. Мөмөсү катуу, бир жагы томпок, экинчи жагы кабырыкы топчудай 2–8 уругу болот. Анда медицинада, ветеринарияда кенири колдонулуучу *алколлоиддер* – стрихнин, бруцин бар. О. Азия элдеринде дары ж-а уу катары байыртадан кенири колдонулуп келген. К. ж-а андан алынган дары-дармек борб. нерв системасынын иш-аракетин күчөтөт. Көбүрөөк берилсе, дене тырышып, карышат. Организмдин жалпы кубатын чындоо максатында зат алмашуу бузулганда, организм начарлаганда, бат чарчоодо, гипертонияда, интоксациянын ж-а инфекциянын кесепетинен жүрөктүн иштеши басаңдаганда, шал болгондо колдонулат. К. кыргыз дарыгерчилигинде илгертен белгилүү. К-ны сууга кайнатып, кымызга, бозого кошо ачытып, узак оорудан күч-кубаты начарлаганда, эски ооруларды дарылоодо ж-а жалпы эле көңүл көтөрүү үчүн пайдаланылган. Аңчылыкта карышкыр, түлкү ж. б-дн уктатуу үчүн да колдонулган.



Күчала: 1– гүлдүү бутагы; 2 – жара кесилген мөмөсү.

КҮЧ ИЙИНИ – берилген чекиттен (борбордон) аракет кылган күч сызыгына чейинки эң кыска аралык, б. а. ушул чекиттен күчтүн аракет кылуу сызыгына жүргүзүлгөн тик сызыктын (перпендикулярдын) узундугу (к. *Күч моменти*).

КҮЧ ИМПУЛЬСУ – күчтүн кандайдыр аз убакыттын ичинде нерсеге кылган аракетинин чени (олчөмү). Күчтүн орт. маанисин ($F_{орт.}$) күч аракеттенген убакытка (t) көбөйтүлгөн көбөйтүндүсүнө барабар, б. а. $S=F_{орт.}\cdot\Delta t$. К. и-нун бирдиги катары бир секунда ичинде 1*Н* туруктуу күчтүн аракетинин натыйжасында пайда болгон импульс алынат. К. и-нун бирдиги катары ньютон·секунда алынат. К. и. – вектордук чондук ж-а анын багыты күчтүн ($F_{орт.}$) багытына дал келет, (t) убакыт аралыгындагы К. и-нун так мааниси $S=\int_0^t Fdt$. интегралы м-н аныкталат. К. и-нун чондугу кыймыл санынын ошол

импульс алынган убакыт ичинде болгон өзгөрүшүнө $S=mv_1-mv_2$ барабар, мында mv_1, mv_2 – чекиттин убакыт башындагы ж-а акырындагы кыймыл саны. К. и. механикада, мис., согуу теориясында кеңири колдонулат.

КҮЧ КҮЙӨӨ – жубайынын (аялынын) ата-энеси м-н бирге жашаган күйөө.

КҮЧЛУК ХАН (болжол м-н 1180–1218) – *наймандардын* ханы, Таян хандын уулу. Атасы Таян хан өлгөндөн кийин аталаш агасы Буйрук хандын жардамы м-н моңголдорго каршы күрөш жүргүзгөн. Бирок найман, меркит уруулары моңголдордон талкаланып, 1204-ж. Буйрук хан, 1205-ж. меркит ханы Тохтабектер өлтүрүлгөн соң, наймандардын бир бөлүгүн ээрчитип, К. х. О. Азиядагы *Кара кытай* мамлекетине качып келип, баш калкалаган. Адегенде *гурхандын* ишенимине кирип, көп өтпөй ага каршы козголон уюштуруп (1212), андан бийликти тартып алган. Ошол эле жылы Алтайга кол салып, *Алмалыкты* чаап, Кашкарды багындырып, Чыңгыз хандын аскерлери м-н бир нече жолу беттешкен. 1218-ж. Жебе нойон жетектеген моңгол аскерлери м-н болгон салгылаштын биринде каза болгон.

Ад.: *Рашид ад-Дин.* Сборник летописей. Т. 1, кн. 1–2. М.; Л., 1952.

КҮЧ МОМЕНТИ – нерсеге сырттан болгон аракетти мүнөздөөчү ж-а нерсенин айлануу кыймылынын өзгөрүшүн аныктоочу мех. чоңдук. К. м. механиканын негизги түшүнүктөрүнүн бири. К. м. окко ж-а борборго (чекитке) карата айырмаланат. Борборго (*O*) карата К. м. вектордук чоңдук. Ал $M_o=Fh$, мында F – күч модулу, h – ийини, б. а. Одон күч аракет этүүчү сызыкка түшүрүлгөн перпендикулярдын узундугу (к. сүрөт). M_o вектору *O* борбору ж-а F күчү аркылуу өтүүчү тегиздикке перпендикулярдуу багытталат. Векторлорду көбөйтүү эрежесинин негизинде К. м. $M_o=[F\cdot r]$ барабардыгы м-н жазылат. Мында r – *O* күч тиркелген чекитке чейинки жүргүзүлгөн радиус – вектор. К. м-нин бирдиги (СИ) *Н·м*, *дин·см* же *кгс·м*.



Окко карата К. м.– алг. чоңдук. Ал ушул октогу О чекитине салыштырмалуу К. м-нин проекциясына же F күчүнүн *xy* тегиздигине болгон проекциясынын сан маанисине барабар.

КҮЧӨТКҮЧ техникада – жардамчы булактагы энергияны пайдалануунун эсебинен сигналдын кубаттуулук таасирин чоңойтуучу түзүлүш. Күчөтүлүүчү сигналдардын физ. табиятына ылайык К. мех., пневматикалык, гидравликалык, электрдик ж-а магниттик болуп айырмаланат. К. – автоматика, телемех., радиотех. ж. б. түзүлүштөрүнүн негизги элементтеринин бири.

КҮЧ СЫЗЫКТАРЫ – бир күч талаасын (электр, магнит, гравитация) сүрөттөө үчүн жүргүзүлүүчү элестүү сызыктар. К. с. талаанын каалаган чекитинде аларга жүргүзүлгөн жаныма ал талааны (электрдик, гравитациялык талаанын чыналышы, магнит индукциясы) мүнөздөөчү вектордун багыты м-н дал келгендей болуп жайгаштырылат. Талаанын чыналышы же магнит индукциясы – мейкиндиктеги чекиттин координаталарынын бир маанилүү функциясы болгондуктан, ар бир чекит аркылуу ушул гана күч сызыгы өтөт. К. с-нын жыштыгы К. с-на перпендикуляр болгон аянт бирдик аркылуу өтүүчү К. с-нын саны ушул аянттагы талаанын чыналышына (же магнит индукциясына) пропорциялаш болгудай тандалат. Ошентип К. с. мейкиндиктеги талаанын бөлүштүрүлүшүнүн көрсөтмөлүү сүрөтүн берет. Электр-статикалык талаанын К. с. дайыма эле туюк болбойт; алар оң заряддан башталып, терс заряддан бүтөт. Магнит талаасынын индукция сызыктары дайыма туюк, ошондуктан магнит талаасы куюндуу талаа. Биринчи болуп электр ж-а магнит талаалары үчүн К. с. түшүнүгүн англ. окумуштуу М. *Фарадей* киргизген.

КҮЧТӨРДҮ КОШУУ – белгилүү системанын күчүн көрсөтүүчү ж-а күчтүн ушул системасынын негизги вектору деп аталуучу векторлордун геом. суммасына барабар вектор чоңдугун эсептөө. К. к. векторлорду кошуу эрежеси, а. а. параллелограмм эрежесин же күчтөрдүн коп бурчтугун түзүү м-н аткарылат. Бир чекитке аракеттенүүчү К. к. м-н алардын тең аракеттенүүсү аныкталат. Эгерде катуу нерсеге аракет эткен күч системасы тең аракет этүүчүгө ээ болсо, анда ал ушул күчтөрдүн башкы векторуна барабар.

КҮЧТҮК КА́БЕЛЬ, к. *Кабель.*

КҮЧҮК-КАЙНАРЖЫ ТЫНЧТЫГЫ (1774) – Россия ж-а Түркиянын ортосундагы тынчтык келишим. 1768–74-жылдардагы орус-түрк согушунда Россиянын жеңишинин натыйжасында Дунайдын жээгиндеги Күчүк-Кайнаржы кыш-нда 1774-ж. 10 (21)-июлда түзүлгөн. К.-К. т. б-ча *Крым хандыгы Осмон империясынан* бөлүнгөн, Кичи ж-а Чоң Кабарда Россияда калган, Азов, Керчь, Еникале, Кинбурн чептери Россиянын карамагына өткөн. Орустун соода кемелери Кара деңизде эркин сүзүүгө, Кара деңиз кысыктары (Босфор, Дарданелл) аркылуу Жер Ортолук деңизине чыгууга укук алган. Ал эми Молдавия м-н Валахия княздыктары иш жүзүндө Россиянын протектораты болуп калган. К.-К. т. орустар үчүн түш. чек араны бекемдөөгө, Кара деңизде сооданы онүктүрүүгө, Балкан ж-а Кавказ элдеринин түрк эзүүсүнөн бошонуу күрөшүнө ынгайлуу шарт түзгөн.

КҮЧҮКОВ Махмут Мамаевич [3. 3. 1945-ж. т., Ысык-Көл обл., Пржевальск (азыркы Каракол) ш.] – тарых илимд. доктору (2003). КРдин билим берүүгө эмг. син. кызматкери (2002). Мамл. кызматтын 2-класстагы мамл. кеңешчиси (2001). 1974-ж. КМУну бүткөн. 1960–74-ж. Фрунзе ш-ндагы Ленин атын. көч-ддө жумушчу, Пржевальск, Красная Речка автобазаларында айдоочу болуп иштеген. 19[illegible]86-ж. КМУнун тарых ф-тинде лаборант, окутуучу, доцент, 1986–91-ж. декан, 1991–93-ж. КМУда профсоюз к-тинин төрагасы, 1993–2000-ж. КМУ иштери б-ча проректор, 1-проректор, 200[illegible]8-ж. КМДТИнин ректору, 2008-жылдан КУУнун Үзгүлтүксүз билим берүү ж-а квалификацияны жогорулатуу борборунун директору. КР Жогорку Кеңешинин депутаты (2000–05). 40тан ашык ил. эмгектин (а. и. 2 монография) автору.



Эмг.: Становление Жогорку Кенеша (парламента) 1990–2000 гг. Б., 2003.

КХА́СИ – Түн.-Чыгыш Индияда (Мегхалая, Ассам штаттары) ж-а Бангладештин коңшу аймактарында жашаган эл. Негизинен Кхаси ж-а Жайнтия тоолорунда жашайт. Саны Индияда 1,3 млн, а. и. Бангладеште 80 мин, Мегхалая штатында 1,25 млн киши (2009). К. өз алдынча пиар же синтенг, бхои, вар, липгнам ж. б. топторго бөлүнөт. Кхаси тилинде сүйлөшөт. Динге ишенгендеринин көбү протестанттар, башка дин туткандары да бар. К-де уруу топтору аял жагынан болгон туугандыкка негизделип түзүлгөн, байыркы уруу коомунун саркындылары сакталып калган. Үй-бүлөдө аялдар үстөмдүк кылат. Үй мүлкү кичүү кызына мурасталат. К-лер дыйканчылык, тоо аймактарында канаттууларды багуучулык ж-а балчылык м-н кесиптенишип, дубалы бамбуктан тургузулуп, ылай м-н шыбалган, үстү саман м-н жабылган үйлөрдө жашаган. Аялдар тигилбеген юбка ж-а күрмө жамынма жамынып, башына металл таажы киет. Аялдар да, эркектер да кооздуктарды тагынышат. Эркектер көйнөк, күрмө ж-а ыштан кийип, башына селде оронушат. Тамак-ашы негизинен күрүч, эт, балык. Суусундук катары чай ж-а күрүчтөн даярдалган пивону кеңири колдонушат.



Салттуу кхмер үйү. Ангкор.



Салттуу кийимчен кхаси аялдары.

КХМЕРЛЕР (өздөрүн кхмер же кхмаэ деп аташат) – эл, Камбожанын негизги калкы. Саны 13,4 млн киши (2008). Түн. ж-а Түш.-Чыгыш Таиландда (1,4 млн), Түш. Вьетнамда (1,2 млн) ж-а Лаосто (5 мин), о. эле АКШда (189,5 мин) да жашашат. Кхмер тилинде сүйлөшөт. Дини – буддизм. Кхмер эли б. з. башында көп сандаган кхмер урууларынын индонезиялык уруулар м-н аралашуусунан, коңшу өлкөлөрдүн (айрыкча Индия) маданиятынын таасиринде калыптанган. Бирок тоолук К. бул процесске дуушар болгон эмес. К. түш. монголоиддерге кирет, бирок аларда ведд-австралоиддик белгилер да бар. К-де уруу топтору аял жагынан болгон туугандыкка негизделип түзүлгөн байыркы уруу коомунун саркындылары сакталып калган. Үй-бүлөдө аялдар үстөмдүк кылат. К. дыйканчылык, мал чарбачылык м-н кесиптенишип, каркастуу, сваялуу үйлөрдө жашашкан. Салттык кийими саронг деп аталат. К. (аял, эркек) чачтарын кыска кыркытырышат. Тамак-ашы – негизинен күрүч, балык, майрам күндөрү эт, о. эле таш бака, чегиртке, бака.

КХОНД (өздөрүн кхонд, куилока, куиенжа деп аташат) – Түн.-Чыгыш Индиядагы дравид тобундагы эл. Саны 1,7 млн киши, а. и. 1,5 млну Орисса, 90 минге жакыны Андхра-Прадеш штаттарында (2008), о. эле Бангладеште (4,8 мин) да жашашат. Негизинен ория ж-а куи, куви тилдеринде сүйлөшөт. Динге ишенгендери – индуисттер. К. үч топко бөлүнөт: түздүктөрдө жашаган десиялар; тоо этектерин-



Денесине салттуу сүрөт тарттырган кхонд аялы.

де жашаган донгриялар ж-а тоолук кутиялар. Десиялар ория м-н ассимиляцияланып, салттык мад-тын жоготуп коюшкан. К. дыйканчылык, балык уулоочулук ж-а анчылык м-н кесиптенишип, дубалы жыгачтан тургузулуп, үстү пальма жалбыректары м-н жабылган үйлөрдө жашайт. Эркектер белине алды-арты жабылган, саймалуу белдемчи байланышат, аялдар саймалуу кездеме оронушуп, кооздуктарды тагынышат. К. өсүмдүктөрдөн жасалган тамак-ашты көбүрөөк колдонушат.

КХУЛНА – Бангладештин түш.-батышындагы шаар. Ганг д-нын салаасында жайгашкан порт. Кхулна обл-нун адм. борбору. Калкы 1,4 млн (2009). Жолдор тоому. Т. ж. бекети. Негизделген мезгили белгисиз. 1884-жылдан шаар статусуна ээ. Ун-ттер (а. и. инженер-технол.), археол. музей, облустук театр (1900; өлкөдөгү алгачкы) бар. Бангладештин ири экон. борбору. Жут, кебез-кездеме, кагаз, тамак-аш, металл иштетүү ө. ж. ишканалары, дарыя верфи иштейт. Муз тондурулат. Бир нече ЖЭС бар.

КЫДЫКЕЕВА Бакен [20. 10. 1923, Пишпекке (азыркы Бишкек ш.) жакын Төкөлдөш кыш. – 30. 12. 1994, Бишкек] – кино ж-а театр артисти, СССРдин эл арт. (1970), Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты (1970). Чыг-лык жолун 1936-ж. Фрунзедеги жаш көрүүчүлөр театрынан баштаган. Ысык-Көл обл. (1941), Тянь-Шань р-ндук (1942-44) ж-а Кыргыз мамл. драма (1944-жылдан) театрында иштеген. К. ар түрдүү пландагы образдардын ички тереңдигине актёрдук талдоо жүргүзүп, комедиялык, трагедиялык, он, терс образдарды жарата алган кенири диапазондуу артист болгон. Негизги ролдору: Жесси (К. Симонов, «Орус маселеси»), Бермет (К. Эшмамбетов, «Сариҥжи-Бокөй»), Айганыш (К. Жантошев, «Курманбек»), Анна (Л. Толстой, «Анна Каренина»), Любовь Яровая (К. Тренёв, «Любовь Яровая») ж. б. Дүйнөлүк ж-а орус классикасынын, кыргыз драматургиясынын чыгармаларындагы К. түзгөн Дездемона (У. Шекспир, «Отелло»), Катерина (А. Островский, «Добул»), Сейде (Ч. Айтматов, «Бетмебет»), Мария Александровна (И. Попов, «Үйбүлө»), эне (К. Чапек «Эне») ж. б. каармандардын образдары – кыргыз улуттук театрындагы актёрдук жогорку чеберчиликтин, психол. бийик реализмдин үлгүсү. К. комедиялык пландагы каармандардын образдарын жеткиликтүү даражада түзө билген. Мис., Мастан (А. Кобогонов, «Болот менен Тынар»), Айымбача (Ш. Абдумомунов, «Жыгылган оогонго күлөт») ж. б. К. көп



Б. Кыдыкеева – Регана. У. Шекспир. «Король Лир» спектаклинен көрүнүш. 1970.

кырдуу турмуш чындыгын көркөм чагылдыруууда актёрдук чеберчилигин курчутуп, жеңилдеп оорго, жоноко́йдон татаалга жол издеген. Алгачкы кыргыз көркөм фильми «Салтанатта» Салтанаттын драмалык күчтүү образын түзүп, кыргыз киносунда чебердиктин үлгүсүн көрсөтүп, курч талантын таанытып, эл урматына ээ болгон. Кинодо о. эле Бурма («Токтогул», 1959), Райхан («Ашууда», 1961), Азиз эне («Тайгак кечүү», 1964), Кара катын («Биринчи мугалим», 1965), Хадиша («Караш-караш окуясы», 1969), Сейил («Кочо», 1972), Жене («Алымкан», 1972), Жайдар («Жаныбарым, Гүлсарым», 1972), Комиссар Алимова («Революциянын атчандары», 1973), Хадыйчахон («Жолугушуу жана ажырашуу», 1975) ж. б. каармандардын ролдорун аткарган. Азиз энөнин («Тайгак кечүү»), Толгонайдын («Саманчынын жолу») ж-а Асылкан эне-

Б. Кыдыкеева – Азиз эне. «Тайгак кечүү» фильминен көрүнүш. 1964.



нин («Мекен баяны») образдарынын идеялык көркомдук сапатынын айкындыгы үчүн Бүткүл союздук (1965, 1968, 1977) кинофестивалдарда сыйлыктарга татыктуу болгон. Чыг-лыгынын кульминациясы – Толгонайдын татаал мүнөзүн түзүп, табигый табылгалар аркылуу сүрөттөө м-н бирге, канчалык кыйын абалда калса дагы турмуштан жакшылык күтүп, үмүт үзбөгөн эненин бийик касиеттерин биринчи планга алып чыккандыгы. Ал режиссёр катары А. Осмоновдун «Махабатын» койгон (1974). Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

КЫДЫ[illegible] Молдокерим (15. 9. 1928-ж. т., азыркы Чүй [illegible]., Чүй р-ну, Алчалуу айылы) – химия и[illegible]. доктору (1971), проф. (1973). КР УИАны[illegible]ардактуу академиги (1998). КРдин илимге [illegible]иг. син. ишмери (1993). [illegible]МПИни бүтүргөн (1951). Кыргыз ССР ИАда аспирант, [illegible]т. кызматкер (1951–60). Орг. эмес химия ж-а физ. химия ин-тунун директорунун орун басары (1960–65) ж-а директору (1965–75). 1962-жылдан орг. эмес заттарды синтездоо лабор-нын жетекчиси. 1994-жылдан КР УИАнын Химия ж-а



хим. технология ин-тунун лабор. башчысы. К-дун ил. иштери табигый туздардын физ. химиясын үйрөнүүгө ж-а орг. эмес комплекстерди алууга багытталган. Анын жетекчилиги м-н 150дөй хим. заттар синтезделип алынган. Анын жетекчилиги м-н туздарга, минералдарга, туздуу сууларга классификация берилген; туздарды комплекстүү иштетүү технологиясы өндүрүшкө киргизилген. 350дөн ашык ил. эмгеги, а. и. 8 монография, 19 автордук күбөлүгү бар.

Эмг.: Физико-химическая характеристика природных солей месторождений Тянь-Шаня (в соавторстве). Ф., 1970; Физико-химические системы из солей одно и двух валентных металлов. Ф., 1970; Взаимодействие глицина с галогенидами двухвалентных металлов (в соавторстве). Ф., 1988; Комплексообразование солей биометаллов с лизином и гидрохлоридом лизина (в соавторстве). Б., 1991.

КЫДЫРААЛЫ уулу Алагуш (1897, азыркы Ысык-Көл обл., Тоң р-ну, Ак-Сай айылы – 1944, ошол эле жер) – белгилүү комузчу, 1936-ж. Фрунзеде өткөн 1-респ. эл чыг-лыгынын олимпиадасынын жеңүүчүсү. Атасы ажы болгондуктан, фи-лармонияга иштөөгө алынбай калган. К. Ороозов, М. Күрөнкөев, Ы. Туманов ж. б. комузчулар м-н таанышып, алар м-н көзү өткөнгө чейин карым-катышта, байланышта болгон. Элдик салт күүлөр «Камбаркан», «Ботой», «Кердез», «Шыңгырама» ж. б. чертүү м-н, өзү да «Алагуштун камбаркан», «Алагуштун ботою», «Алагуштун кербези», «Алагуштун күүсү» ж. б. өндөгөн күүлөрдү чыгарган. «Алагуштун термеси» аттуу күүсү Ы. Тумановдун аткаруусунда КРдин коомдук телерадиокорпорациясынын алтын казынасына жазылган ж-а кыргыз музыкасынын антологиясына кирген.

КЫДЫР АКЕ, Кыдыр Байсары уулу (1843, азыркы Ысык-Көл обл., Сары-Жаз өрөөнү – 1926, Ак-Суу р-ну, Кереге-Таш айылы) – коомдук ишмер. 1868-жылдан үч жылда бир болуучу шайлоодо алты жолу катары м-н болуш



Кыдыр акенин Теплоключенка айылындагы эстелиги. Скульптор К. Саматов. 2009.

болуп шайланган. 1913-ж. ысык-көлдүк кыргыздардын атынан өкүл катары Романовдордун бийликке келишинин 300 жылдык тоюна чакырылган. Падыша К. а-ни Анна тасмасындагы чоң алтын медаль м-н сыйлап, полковник чинин ыйгарган. Акылы ж-а калыстыгы м-н эл ичинде чоң кадыр-баркка ээ болгон. 1993-ж. анын 150 жылдыгы белгиленип, Кереге-Таш айылынын четине бийикт. 16 *м* келген күмбөз тургузулган.

К. Асанбеков.

КЫДЫРАЛИЕВ Кадыржан (1. 4. 1936-ж. т., Чүй обл., азыркы Жайыл району, Чолок айылы) – кинооператор, Кыргыз ССРинин эл арт. (1982), Кыргыз ССРинин иск-вого эмг. син. ишмери (1969), Кыргыз ССР Токтогул атн. мамл. сыйл. (1972), Кыргызстан Ленин комсомолу сыйл. (1968) лауреаты. 1961-ж. Бүткүл союздук мамл. кинематография ин-тун бүткөндөн «Кыргызфильм» студиясында иштеген. К. өз ишмердигин даректүү тасмаларда ж-а ил.-коомдук кино тармагында иштөөдөн баштаган. Ал «Тоо суусу» (1960), «Ырдын жаралышы» (1961), «Улуу эпос» (1962), «Аскалар» (1963), «Жылкылар» (1965), «Кыргыз денизи» (1965), «Оодарыш» (1970) ж. б.





К. Кыдыралиев «Тайгак кечүү» фильмин тартуу учурунда. 1964.

фильмдердин оператору. К. 1964-жылдан көркөм фильмдердин оператор-коюучусу катары «Тайгак кечүү» (1964, реж. М. Убукеев), «Бакайдын жайыты» (1967, реж. Т. Океев), «Жамийла» (1968, реж. И. Поплавская, «Мосфильм»), «Уркуя» (1972, реж. Т. Океев), «Мен – Тянь-Шань» (1973, реж. И. Поплавская, «Мосфильм»), «Көк серек» (1974, реж. Т. Океев, «Казакфильм») ж. б. фильмдерди тарткан. К. «Бабалар өрөөнү» (1992), «Талаада атылган ок» (1993) аттуу фильмдердин режиссёру. «Ардак Белгиси» ордени, Данк медалы (2008) м-н сыйланган.

КЫДЫРАЛИЕВ Сабыржан (1952-ж. т., Жалал-Абад обл., Базар-Коргон р-ну, Акман айылы) – техника илимд. доктору (1993), проф. (1995), Кыргызстан Ленин комсомолунун илим ж-а техника жаатындагы сыйл. лауреаты (1989). Ташкент политех. ин-тун (1974), Москва мамл. тех. ун-тинде (ММТУ) аспирантураны (1979) бүтүргөн. ФПИде улук лаборант, улук инженер ж-а ММТУда стажёр-мугалим; КТУда ассистент, улук окутуучу, доцент, проф.; Жалал-Абад тех. ун-тинде илим б-ча проректор (1993); КР УИАнын Түштүк бөлүмүнө караштуу Энергетика ж-а электроника ин-тунда директор, лабор. башчысы ж-а ЖАМУда проф. (1995). Ширетүү, констр. материалдарды иштетүү ж-а биотехнология б-ча адис. 85тен ашык ил. иштин, а. и. 7 ил.-методикалык эмгектин, 10 ойлоп табуунун автору.

Эмг.: Влияние расхода газа на характеристики плазменной дуги. 1989; Методические указания к лабораторным работам по курсу «Материаловедение и обработка конструкционных материалов». Б., 1989.

КЫДЫРАЛИЕВ Хасанбек Кадыржанович (17. 6. 1960-ж. т., Москва) – оператор-коюучу, Кырг-н жаштар сыйл. лауреаты («Чуркаган ит», 1991), Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты («Беш кемпир», 2000), КРдин иск-восуна эмг. сиң. ишмер (2001), КРдин эл арт. (2011). Бүткүл россиялык мамл. кинематография ин-тун 1988-ж. бүтүргөн. 1988–96-ж. «Кыргызфильм» киностудиясында, 1996-жылдан «Ордо» продакшн-студиясында оператор-коюучу болуп иштейт. 20дан ашык көркөм тасма тарткан: «Аномалия» («Кыргызфильм», реж. Г. Базаров, 1991), «Кылым карытар бир күн» («Катарсис», реж. Б. Карагулов, 1994), «Селкинчек», «Беш кемпир» [«Кыргызфильм», реж. А. Абдыкалыков (Актан Арым Кубат), 1997–98], «Абайдын жаш курагы», реж. А. Амиркулов, 1995), «Жаш аккордеончунун өмүр баяны» («Казакфильм», реж. С. Нарымбетов, 1993), «Маймыл» («Кыргызфильм», реж. А. Абдыкалыков,



Х. Кыдыралиев кино тартуу учурунда.

2000), «Шиза» («Казакфильм», реж. Г. Омарова, 2004), «Мергенчи» («Казакфильм», реж. С. Апрымов, 2004), «Рекетир» («Сатайфильм», реж. А. Сатаев, 2007) ж. б.

КЫДЫРАЛИЕВА Камила Асылбековна (1962-ж. т., Чүй обл., Токмок ш.) – химия илимд. доктору (2005), КРдин илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (2006). КМУну бүтүргөн (1985), КМУда улук инженер (1985–88), лабор. башчысы (1988–90), окутуучу, улук окутуучу (1990–96), 1996-жылдан КР УИАнын Химия ж-а хим. технология ин-тунда улук ил. кызматкер. Орг. ж-а физ. химия б-ча адис. 43 ил. эмгеги бар. Ил. эмгектери фермент-ингибитор системасындагы металл иондору, микроорганизмдердин таасиринен топурактагы гумус заттарынын трансформациясына ж. б. арналган.

КЫДЫРАЛЫ Кайназар уулу (1850, Жалал-Абад обл., Ала-Бука р-ну – 1920, ошол эле жер) – манасчы, төкмө ырчы. К. жаштайынан эле ыр, өлөң, түрдүү эпосторду айтууга шыктуу өнөрү м-н таанымал болгон. Манасчы Талас, Кетмен-Төбө, Жалал-Абад, Алай, Ош, Анжиян, Ташкент, Бадакшан, Коженттеги, ырчы, өлөнчү, көшөкчуларга жолугуп, алар м-н айтышып, «Манас» айтып элге таанылган. К-нын «Манастын Борканга калаа курдурганы», «Манастын зилдей (чоң, оор) ташты көтөргөнү», «Манастын Мардигилең алп менен алышканы», «Манастын Боркандан Айгандын канын айдап чыкканы», «Айгандын канынын кызы Алтынай сулуунун Манаска ашык болушу» деген Манастын өзүнчө үлгүлөрүн айтканы гана белгилүү. К. «Манас», «Семетей», «Сейтек» ж-а бир нече кенже эпостору, көптөгөн элдик ырларды айткан. К-дан жазылган «Манас» варианты КР УИАнын Кол жазмалар фондусунда сакталып турат.

КЫДЫРБАЕВ Кыркелди Жумалиевич (1. 4. 1961-ж. т., Чүй обл., Жайыл р-ну, Ак-Башат айылы) – юридика илимд. доктору, проф., милициянын полковниги (1998). СССР ИИМ Караганды (1983), РФ ИИМ Москва (1992) жогорку мектептерин бүткөн. 1988–89-ж. СССР ИИМдин Караганды, Бишкек жогорку мектептеринде окутуучу. 1992–97-ж. Талас обл. ички иштер башкармалыгында болүм начальниги, орун басары, 1997–98-ж. КР Президентинин администрациясында, 1998–99-ж. КРдин Коопсуздук Кеңешинин катчысынын референти, 1999-жылдан КР ИИМ Бишкек жогорку мектебинде начальниктин 2-орун басары, КР ИИМдин башкы штабынын начальниги.

КЫДЫРАЛИЕВА Раиса Заитовна (30. 11. 1930-ж. т., Фрунзе) – адабиятчы, «Манас» изилдөөчү, филология илимд. кандидаты (1956), доктору (1983), КР УИАнын корр. мүчөсү (1989), КР илимге эмг. син. ишмери (1995), проф. (1997), КР илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл. лауреаты (1997, 2004). 1952-ж. КМУнун филология ф-тин (орус болүмүн), 1956-ж. А. М. Горький атн. дүйнөлүк адабият ин-тунун аспирантурасын бүтүргөн. КР УИАнын азыркы Ч. Айтматов атн. Тил ж-а ад-т ин-тунда 1956–60-ж. кенже ил. кызматкер, 1960–86-ж. улук ил. кызматкер, 1986–87-ж. Манас секторунун башчысы, 1987–2008-ж. Фольклор ж-а акындар болүмүнүн башчысы, 2009-жылдан жетектөөчү ил. кызматкер. К. – "Манас" ж-а кенже эпосторду, о. эле фольклор изилдөөчү, ад-т таануучу катары белгилүү. «"Саринжи-Бөкөй" эпосунун идеялык-көркомдук бөтөнчөлүктөрү», «"Жаныл Мырза" эпосунун поэтикалык традициялары», «"Манас" эпосундагы традициялык жана индивидуалдык маселелерине карата», «Манасчынын айтуучулук чеберчилиги», «"Манас" эпосунун генезиси», «"Манас" эпосунун варианттары» ж. б. 150дөн ашык ил. эмгектин а. и. 17 монографиянын автору. «Манас энциклопедиясын» даярдап чыгарууга активдүү катышкан.



Эмг.: Лирика А. Осмонова. Ф., 1957; Сказительское мастерство манасчи. Ф., 1982; Мээгилдер, мүүндар жана манасчы. Б., 2004; Кыргыз адабий илиминин терминдер создүгү (К. Асаналиев м-н бирге). Б., 2004.

КЫДЫРБАЕВА Фатима Чапы кызы (1914, азыркы Чүй обл., Чүй р-ну, Он-Бир-Жылга айылы – 1979, Фрунзе) – кыргыз аялдарынан чыккан алгачкы укук таануучу. Кыргыз ССР Жогорку Сотунун төрайымы (1941–47). Ленинграддагы жумушчулар ф-тин (Рабфак), Фрунзе кыз-келиндер окуу жайын, Ташкенттеги О. Азия коммунисттик ун-тин (САКУ), Кыргыз ССР Юстиция ЭКСтин алдындагы укук мектебин (1936), Москвадагы Бүткүл союздук юрид. ин-тун (1945) бүткөн. Ленинграддагы «Красный Путиловец» з-дунда мастердин жардамчысы, Ош, Жалал-Абад, Ноокат аймактарында комсомолдук, парт. кызматкер, Фрунзе шаардык прокурорунун, Кыргыз ССРинин башкы прокурорунун жардамчысы, Чүй обл-нун Аламүдүн, Бишкек ш-нын Свердлов р-ндорунун прокурору болуп иштеген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин (2-чакырылышы) депутаты. Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган.

КЫДЫРГАНОВ Женишбек (1945-ж. т., Ысык-Көл обл., Ак-Суу р-ну, Ичке-Жергез айылы) – спортчу (классикалык күрөш). СССР спортунун чебери (1967), ардактуу чебери (1975), классикалык күрөш б-ча Кыргыз ССРинин 10 жолку чемпиону (1966–76), улуттук категориядагы калыс (1990). КМДТИни бүтүргөн (1983). 1965–76-ж. Кыргыз ССРинин «Эмгек резервдери» ыктыярдуу спорт коомунун машыктыргыч-окутуучусу, 1979–84-ж. Ысык-Көл обл. спорт к-тинин төрагасынын орун басары, 1984–90-ж. Ысык-Көл обл. спорт мектебинин директору, 1996-жылдан Ысык-Көл обл. балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин улук методисти. Эл аралык турнирлердин (Швеция,1972; Түркия, 1975), Прибалтика кубогунун (1973), СССР элдеринин спартакиадасынын катышуучусу ж-а жеңүүчүсү.

КЫДЫРМАЕВ Адашбек [17. 4. 1943-ж. т., Чүй обл., Жайыл (мурдагы Калинин) р-ну, Эриктүү айылы] – а. ч. илимд. доктору (2000), проф. (2002). К. И. Скрябин атн. КАУИнин (1979), Кыргыз мал чарба ИИИнин аспирантурасын (1974) бүтүргөн. Эмгек жолун (1962) колхоздо бухгалтер, зоотехник болуп иштөө м-н баштаган. 1970–83-ж. Кыргыз мал чарба ИИИде ил. кызматкер. 1974–83-ж. Сокулуктагы асыл тукум з-д-тажрыйба чарбасынын директору. 1983–86-ж. Панфилов р-ндук советинин төрагасы, 1986–91-ж. партиянын Талас р-ндук к-тинин биринчи секретары. 1991–93-ж. КРдин а. ч. ж-а азык-түлүк министри, 1993-жылдан КРдин Мамл. асыл тукум мал чарбасы б-ча ил.-өндүрүштүк бирикмесинин генералдык директору ж-а Кыргыз мал чарба ИИИнин директору. КРдин Жогорку Кенешинин эки жолку чакырылышынын (1995–90, 1990–95), Чүй обл. Кенешинин (1995–93) депутаты. Мал чарба селекциясы б-ча адис. 150дөн ашык ил. эмгектин, а. и. 2



монографиянын, 14 ойлоп табуунун, 12 китептин автору. КРдин а. ч-а эмг. син. кызматкери. «Ардак Белгиси» ордени ж-а Данк медалы м-н сыйланган.

Эмг.: Сүт өндүрүүнү ургаалдаштыруунун натыйжалуулугу. Ф., 1981; Материнская наследственность и физиологический подход в селекции молочного скота. Б., 2007; Уй чарбачылыгы (бодо малды өстүрүү жана асылдандыруу). Б., 2008.

КЫДЫРНАЗАРОВ Асанбек (1930, азыркы Нарын обл., Нарын р-ну, Ак-Булун айылы – 1994, Бишкек) – комузчу, режиссёр, драма артисти, Кыргыз ССРинин эмг. син. арт. (1977). Нарын а. ч. техникумун (1947), Москвадагы А. Луначарский атн. театр ин-тун (1957) бүткөн. 1950–52-ж. Нарын р-ндук мад-т үйүндө жетекчи, 1958–63-ж. Нарын муз. драма театрында режиссёр болуп иштеп, «Куйручук» (М. Рыскулов, А. Көбөгонов), «Комуздун тагдыры» (Р. Шүкүрбеков), «Эч кимге айтпа» (Т. Абдумомунов), «Гүлнара» (Н. Жүндүбаева), «Сариижи-Бөкөй» (К. Эшмамбетов) ж. б. пьесаларды койгон. 1963–91-ж. Кыргыз мамл. драма театрында ар кандай тагдырдагы, мүнөздөгү, түрдүү куралтагы образдарды жараткан: Токтогул, Байтерек, Садыркул (Т. Абдумомунов, «Сүйүү жана Үмүт», «Каркыралар кайтканда», «Атабектин кызы»), Азат Султанович (М. Байжиев, «Ар бир үйдө



А. Кыдырназаров – Азат Султанович, Т. Турсунбаева – Мадина. М. Байжиев. «Ар бир үйдө майрам» спектаклинен көрүнүш. 1976.

майрам»), Вожак (В. Вишневский, «Оптимисттик трагедия»), Бакай (Ж. Садыков, «Манастын уулу Семетей») ж. б. К. залкар комузчу да болгон. Ал Карамолдонун «Сынган бугу», «Насыйкат», Абактын «Кара кашка аргымак» ж. б. күүлөрүн ийине жеткире черткен. Өзү «Кыргыз кочу», «Бешик», «Калмак ашуу», «Тилек», «Саамал», «Запкы», «Көк бөрү», «Бир кайрык», «Өксүү» ж. б. кара күүлөрдү чыгарган, а. и. «Кыргыз көчү» оригиналдуулугу м-н комуз күүлөрүнүн классикасына айланды. КРдин коомдук телерадио берүү корпорациясынын алтын казынасына 20дай күүсү жазылып алынган, айрымдары эл аспаптар, симф. оркестрлерге салынган.

Б. Алагушов.

КЫДЫРША – ичкиликтер тобундагы уруу, к. *Булгачы уруулук бирикмеси.*

КЫДЫРША – Ош обл-нун Кара[illegible]у р-нундагы кыштак. Савай айыл округуна ка[illegible]штуу. Ош – Бишкек жолунун боюнда, дениз [illegible]г. 770 *м* бийикте жайгашкан. Райондун бор[illegible]у ж-а т. ж. бекети Кара-Суу ш-нан 9 *км* түн[illegible]гыш тарапта. Калкы 2354 (2009); негизинен [illegible]ыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги м[illegible]ктеп, китепкана, клуб, ФАП бар.

КЫЗ АЛА КАЧУУ – колуктуну ала качып, никелешүү салты; куда түшкөн кызга калың төлөөгө каражат жетишпесе же кыздын ата-энеси кыз каалаган жерине барышына каршы чыкса ж-а жуучуларга макулдугун бербесе, жигит кыздын макулдугу м-н кызды ала качуусу. Жигиттин атасы урук-туугандарынан киши зорчитип, кыздын атасынын алдына түшкөн. Эки тарап жарашкандан кийин, никелешүүнүн салттуу ырымдары улантылган. К. а. к-нун мындай түрү оокаттуу, урук-туугандуу бүлөлөрдө жолукkан. Улуттук салтта кыздын макулдугусуз эч убакта К. а. к. болгон эмес. Эгерде кыздын макулдугусуз ала качса, урук, уруулардын ортосунда жаңжал чыгып, кан төгүлгөн. К. а. к. улуттук никелешүүдө өтө сейрек кездешүүчү көрүнүш болгон.

КЫЗАМЫК – вирус козгоочу катуу кармаган жугуштуу оору. Вирус адам жөтөлгөндө, сүйлөгөндө, чүчкүргөндө бөлүнүп, абаны булгайт. Соо адам вирус м-н булганган абадан дем алганда жугузуп алат. Көбүнчө 2–10 жаштагы балдар ооруйт. Жашыруун мезгили 16–21 күн. Оору башталганда, мурдунан суу агып, жөтөлөт, тамак кызарат, кээде денеси бир аз ысыйт. Моюн, желке, лимфа түйүндөрү шишип ооруйт. Андан кийин оору күчөп, бүт денеге чыбырчыктар чыгат, дене темп-расы 38–39°ка чейин көтөрүлөт. Чыбырчыктар 2–3 күндөн кийин так калбай жоголот. Көпчүлүк учурда белгиси билинбей өтөт. Ооруп айыккан адамда туруктуу *иммунитет* пайда болот. К. м-н кош бойлуу аялдардын оорушу өтө коркунучтуу, себеби түйүлдүккө жугушу мүмкүн. 3 айга чейинки боюнда бар аялдар ооруса, көп учурда тубаса өсүү кемтиги пайда болот. Ал эми *кош бойлуулуктун* акыркы айларында К. жукса балада *аз кандуулук* байкалат, ички органдары жабыркайт. Мындай балдар туулгандан 18 айдан ашык убакыт жугуштуу болот. Врач дарылайт. Алдын алууда оорулууну соо балдардан бөлүү, кош бойлуу аялдарга жолотпоо керек.

КЫЗАРТ – Кочкор ж-а Жумгал өрөөндөрүн байланыштыруучу ашуу. Сандык м-н Кызарт тоолорунун аралыгында. Бийикт. 2664 *м*. Чыгыш жагы жантайыңкы (Узун-Булак), батышы бир аз тик (28–30°, Кара-Суу). Ашуу аркылуу Бишкек – Чаек автомобиль жолу өтөт. Ашуу жыл бою ачык.

КЫЗАРТ – Нарын обл-нун Жумгал р-нундагы кыштак. Жаңы-Арык айыл округуна караштуу. Кызарт суусунун боюнда, дениз деңг. 2196 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Чаек кышнан 55 *км* түш.-чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 125 *км*. Калкы 1229 (2009); негизинен мал ч[illegible]сында эмгектенет. Эки орто мектеп, 2 китеп[illegible], клуб, оорукана, медпункт бар.

КЫЗА[illegible] БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНҮ – 1–5-к-дагы хуни[illegible]руна таандык мүрзөлөр. Жумгал р-нунун К[illegible]арт ашуусунда жайгашкан. 12 дөбө мүрзө[illegible] турат. Беш дөбө-мүрзөнү археолог А. Н. [illegible]ериштам изилдеген. Бийикт. 0,21–0,87 *м*, диаметри 8–18 *м*. Үстү топурактан үйүлгөн дөбө түрүндө. Көрүстөндөрдүн ички түзүлүшү чарадан ж-а маркум коюлуучу казанактан турган. Айрымдары жарма кор түрүндө. Адам сөөгү жалгыздан же экиден коюлган. Баш сөөктөрү солпу түзүлүштө болгон. Жыгач ж-а чопо идиштер, жаа бастырмалары, жибек кездеме калдыктары, жаа жебеси, бычак ж-а ийиктин башы табылган. 1990-жылдары байыркы түрк ж-а Караханиддер дооруна тиешелүү эстеликтерди жерг. тарых мугалими А. Абдрахманов ачкан. Аларга балбал таштар ж-а байыркы турак жай калдыктары кирет.

КЫЗГАЛДАК (Roemeria) – осүмдүктөрдүн аш-ийимдер тукумундагы уруусу. Бир жылдык чөп, бийикт. 30–50 *см*, канаттай жалбырагы кезектешип жайгашкан. Гүлү сабактын учунда бирден жайгашкан, эки жыныстуу, аталыгы көп, энелиги бирөө. Желекчелери 4, оңу ачык же көгүш кызыл, негизи кара темгилдүү. Мөмөсү – саадакчадай кутуча, уругу көп. Быша элек кутучасынын ширеси сары, коюу. К-тын эки түрү (ийилген К., аргын К.) Жунгар-Кашкарда, Иранда, Жер Ортолук деңиз жээгинде кездешет. Кырг-нда бул эки түрү тең эски аңызда, жол боюнда, тоо этегиндеги кургак боздондо, айдоодо өсөт. Кооздук үчүн парктарда өстүрсө болот. Курамында эфедрин, ремерин ж. б. алколоиддер бар, мал жебейт.



«КЫЗ ДАРЫЙКА» – элдик поэма. Поэмада Самаркандда Катыран деген падышанын жалгыз кызы Дарыйка чечкиндүү, акылдуу, сулуу, балбан болуп, элин коргогон баатырдыгы сүрөттөлөт. Ал элин сырткы ж-а ички душмандардан коргоп турат. Бойго жеткенде жар издеп, өзү м-н күрөштө өзүн билгизип, женген жигитке турмушка чыгуу шартын жер жүзүнө жар салат. Ал аңыз узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына жетет. Эчендеген балбан жигиттер келип, женилүү ызасын тартышат. Акыры ал кабарды Меке, Мединаны жердеген азирети Аалы угуп, аны м-н күрөшүүгө кумарланат да, кайын атасы Мухамеддин уруксаты менен Самаркандга келет. Дарыйка м-н 15 күн, 15 түн күрөшүп, күрөш майданында кара күч сынашуу м-н гана эмес, бетме-бет сүйлөшүп, сырдашып, бири-биринин купулуна толуп, ички сезимдерин билдирүүгө да жетишет. Акыры Аалы өзүнүн кара күчү, «алла тааладан» болгон жардам м-н кызды женет. Шарт б-ча алар үйлөнүп, 6 ай өткөндөн кийин Аалы түш көрүп, түшүндө Мухаммед пайгамбар аян берет. Балдары ж-а аялы Фатима аны күтүп, сагынып жүргөндөрүн билет. Аалы Дарыйка м-н коштошуп, эли-жерине кетет. Дарыйка уул төрөп, атасынын айтып кеткени б-ча атын Шайызында коёт. Ал жаштайынан эле ашкан баатыр чыгат. Кийин атасы Аалы экенин билип, аны издеп жөнөйт да Мекеге келип, күрөш болуп жаткан майданга туш келет. Алар м-н күрөшүп, баарын женет. Алар бир туугандары, атасы экенин билгенден кийин, атасы м-н агаларына колу тийгенине уялгандан качып жөнөйт да, жердин жаракасына кирип кетет. Поэма түрк элдеринин бардыгында айтылып, орток чыгармага айланган. КР УИАнын Кол жазмалар фондусунда поэманын онго жакын варианты (К. Орозов, М. Канкелдиев, К. Жантаев, Ж. Сокубашев, К. Алиманов, К. Мукашева, К. Салибаев, О. Нургазиев, М. Зулпиев) сакталып турат. Адабиятчы Г. Орозова бардык варианттарды бири-бирине салыштырып, изилдөө жүргүзгөн. «Эл адабияты» сериясынын 11-томуна (2002) коркомдугу жогору, тили так, баяндоо ыкмасы ырааттуу, чыгыш, түрк элдеринин баатыр кыздары ж-дө эпикалык деңгээлге көтөрүлгөн чыгармалар катары комузчу К. Орозовдун ж-а таластык К. Алимановдун айтуусундагы эки варианты кирген. Мындан сырткары 1966-ж. О. Нургазиевдин айтуусунда «Азретали менен кыз Дарыйканын күрөшү» деген ат м-н кытепче жарык көргөн. Бул поэма казак, кара калпак, кыргыз ж. б. түрк элдеринин фольклорунда кездешет. Бардык тилдеги варианттар бири-бири м-н үндөшүп, ушул элдердин орток чыгармасы экенин айгинелеп турат.

Ад.: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7 томдук. 1-том. Б., 2004.

Ы. Кадыров.

«КЫЗ ЖИБЕК» – казак элинин лирика-эпикалык поэмасы. Эпостун азыркы варианты 1896-,

1905-, 1909-, 1911-ж. Казанда Хусаиновдордун басмасынан чыккан. 1925-ж. аны фольклор жыйноочу А. Диваев Ташкенттен басып чыгарган. Кийин Кызыл-Ордодо (1933), Алматыда (1939) жарык көргөн. Кыз Жибек окуясы 17-к-га, б. а. калмак дооруна мүнөздүү. Эпостун баш каарманы Төлөгөн атасы кудалаган кызга үйлөнгүсү келбей, кербенчилерден Кыз Жибектин кабарын угуп, издеп чыгат. Анын алдында атасынын каршылыгы (терс батасы), алыс жол, жалгыздык, Бекежандын душмандыгы сыяктуу кыйынчылыктар турган. Ал ушул тоскоолдуктардын бардыгын жеңип, кыздын сүйүүсүнө арзыйт. Бирок кийин Бекежан колдуу мерт болот. Поэманын экинчи бөлүгү – Төлөгөндүн иниси Сансызбай тууралуу. Ал агасынын кереэзи б-ча Жибекти таап, ага үйлөнүүгө макул болот, бирок, Кыз Жибекти зордук м-н алганы жаткан калмак баатыры Корен м-н согушууга туура келет. Жекеме-жеке беттешүүдө аны жеңип, калмактарды багындырып, Жибекти алып кетет.

КЫЗ-КОРГОН КАПЧЫГАЙЫ Күнгөй Ала-Тоонун түш. капталында. Чолпон-Ата суусунун сол куймасынын алабынан орун алган. Ысык-Көл р-нунун аймагында. Байыркы мөңгү эригенде Кыз-Коргон суусу көбөйүп, тик капталдуу жалама капчыгайды пайда кылган. Уз. 7 *км*, деңиз денг. бийикт. 2000–2800 *м*. Туурасы 10 *м*ден 500 *м*ге чейин. Капчыгай Сарала-Саздын тушуна жеткенде кууштап, тектон. жарака б-ча шаркыратма пайда кылып, улам төмөндөгөн сайын 500 *м*ге чейин кеңийт. Төмөнүрөөк Агала-Таш тоосун кесип өтүп, кайрадан кууштайт. Чыгыш капталы байыркы түздүктүн калдыгы. Суунун нугунан 30–450 *м* көтөрүнкү. Батышы байыркы мөңгүнүн шилендилеринен туруп, суунун нугунан 150–300 *м*ге көтөрүлөт, өсүмдүктөргө бай. Каледондун кызыл, боз, гранит, гранитдиорит ж. б. тектеринен түзүлгөн. Капчыгайдын таманында ж-а батышында карагай, арча, табылгы, бөрү карагат, карагат ж. б., чыгышында бийик чөптүү шалбаа өсөт. Туризмге ылайыктуу. Жай мезгилде эмгекчилер эс алат.

КЫЗ-КӨЛ – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нундагы кыштак. Кыз-Көл айыл округуна карашты. Деңиз денг. 1090 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 31 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 29 *км*. Кыштак 1800-ж. негизделген. Калкы 1005 (2008); негизинен мал чарбасында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, ФАП ж. б. бар.

КЫЗ КУУМАЙ – улуттук оюн, ат спортунун бир түрү. Оюн түз талаада же *ат майданында* өткөрүлүп, ага курбалдаш кыз, жигит катышат. Оюнду жигит старт тилкесинен, кыз 25–30 *м* алдыда баштоого тийиш. Жигит кызды 150–200 *м* аралыкта кууп жетсе, чаап бара жатып, ат үстүнөн артылып, кызды обүүгө акылуу. Кызды кууп жетпеген жигит жеңилет, кайра тартканда жолдо кыз жигитти кууп, жигит кыздан жаза алат. Оюнга катышуучулар бирине бири тоскоол болууга, жолдон кесип өтүүгө, экинчинин атын камчы м-н чабууга, омуроолотууга ж. б. тыюу салынат. Катышуучулар улуттук кийим кийип, аты алдын ала тапталат. Кыргызда ар кандай аш-тойлор, салтанаттар К. к-сыз өткөн эмес. Кийин улуттук спорттун түрү катары кабыл алынып, эрежелери иштелип чыккан ж-а бир системага келтирилген. К. к. б-ча спорттук 3 разряд белгиленген.



КЫЗЛА́СОВ Леонид Романович [24. 3. 1924, Енисей губерниясы (азыркы Хакасия Респ.), Хакас уезди, Синявин кыш. – 24. 7. 2007, Москва] – орус-хакас археологу ж-а тарыхчысы, чыгыш таануучу, Тува АССРинин (1991), Хакасия Республикасынын илимине эмг. сиң. ишмер (1994), СССР мамл. сыйл. лауреаты (1985), тарых илимд. доктору (1967), ММУнун проф. (1969), эмг. син. проф. (2004). Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. ММУну бүткөн (1949). Борб. Азия, Сибирь тарыхы ж-а археологиясы б-ча адис. Хакас (1950–2002), Тува (1955–82), Кыргыз (1953–54), Славян (1967) археол. экспедицияларын жетектеген. 1953–56-ж. кыргыз археол. ж-а этногр. экспедициясына катышып, Ак-Бешим (Суяб) ш-н изилдеп, анын о. кылымдагы арх-расы, иск-восу ж-дө фундаменталдуу эмгек жараткан. Ал Байыркы Борб. Азия элдеринин тарыхын изилдөөдө илимге чоң салым кошкон. Бирок К-дун эмгектеринде енисей кыргыздарынын тарыхы ж-а материалдык мад-ты хакастардын пайдасына чечилип, бурмаланып көрсөтүлгөн. 280дей ил. макаланын ж-а 15 китептин автору. ММУнун 1-даражадагы Ломоносов атн. сыйл. м-н сыйланган.

Эмг.: Гуннский дворец на Енисее. Проблема ранней государственности Южной Сибири. М., 2001; Городская цивилизация Срединной и Северной Азии. Исторические и археологические исследования. М., 2006.

А. Абетеков.

«КЫЗ МАКТЫМ» – түш. кыргыздарда тараган лирикалык дастан. Негизги темасы – эл-журтту калмактардын кысымынан бошотуу. Дастандын окуялары ойрот калмактарынын кыргыздарды эзип турган мезгилине (16–17-к.) туура келет. Поэманын үч варианты тең КР УИАнын Кол жазмалар фондусунда сакталып турат. Алардын сюжеттик өзөгү, образ системасы бири биринен анча айырмаланбайт. Баш каармандары – Мактым м-н Бегарстан Тайчы. Калмактарга каршы күрөштө Мактымды Бегарстан Тайчы туткунга алып, ага үйлөнөт. Кордолгон Мактым түн жамынып качат. Куугунчуларды айлаамал м-н жолдо өлтүрөт. Бегарстан Тайчы да Мактымдын колунан каза болот. Мактым элине келип, сүйгөнүнө жетет. «Бегарстан Тайчы» аттуу жомоктун күүсү да дастандын ушул окуясынан улам чыгарылган.

Ад.: Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынан очерки. Ф., 1973.

КЫЗМАТ АБАЛЫН КЫЯНАТТЫК МЕНЕН ПАЙДАЛАНУУ – кызматтык кылмыштар тобуна кирген кылмыштын бир түрү. Кылмыш кураамынын түз объектиси мамл. органдар, жерг. башкаруу органдарынын мыйзамдуу кызыкчылыгы болуп саналат. Кошумча объектиге адамдар, уюмдар ж-а мамлекеттин мыйзамдуу укугу ж-а кызыкчылыктары кирет. К. а. к. м. п-нун объективдүү жагы төмөнкү белгилерден турат: 1) кызмат адамы тарабынан кызмат абалын кызматтын кызыкчылыктарына каршы пайдалануу; 2) эгерде кызмат абалынан кыянаттуу пайдалануу жарандардын же юрид. тараптын кызыкчылыктарына олуттуу зыян алып келсе; 3) жогорудагы көрсөтүлгөн белгилердин ортосунда себептүү байланыш болушу зарыл. Ал эми анын субъективдүү жагы атайылап (тикелей же кыйыр ниетте) жасалгандыгы м-н мүнөздөлөт. Эгер кылмыш жеке кызыкчылыктан улам жасалса; өзгөчө чоң зыян келтирилсе; уюмдашкан топ же кылмыштуу шериктештиктин кызыкчылыгы болсо; жооптуу орунээлеген кызмат адамы тарабынан жасалса; бир нече жолу же болбосо оор натыйжаларга алып келген учурлар К. а. к. м. п-нун оордотуучу белгилерине кирет. Кылмыш курамынын субъектиси болуп, акыл-эси соо, 16 жашка толгон кызмат адамы эсептелет.

К. А. Бодобаев.

КЫЗМАТ АДАМДАРЫ – бийлик окулүнүн милдетин иш жүзүнө ашыруу үчүн атайы дайындалган же шайланган адамдар. Алар чуруктуу, убактылуу же атайын ыйгарым укуктарга ээ болушат. КРдин «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» мыйзамына (23-ноябрь, 1999) ылайык мамл. К. а. 6 топко бөлүнөт. Ага: 1) КР Президенти; 2) Жогорку Кеңештин депутаттык милдеттерин туруктуу негизде аткарып жаткан адамдар; 3) КРдин Конституциясы аныктап, КР Президенти же Жогорку Кеңеш тарабынан дайындалган (шайланган) премьер-министр, өкмөт мүчөлөрү, судьялар ж. б.; 4) 1-, 2- ж-а 3-топтогу кызмат аты ээлеген адамдардын ыйгарым укуктарын аткарууну түздөн-түз камсыз кылуу үчүн дайындалган жардамчы ж. б. кеңешчилер; 5) мамл. органдардын ыйгарым укугун аткаруу ж-а камсыз кылуу үчүн белгиленген кызматтар; 6) мамл. органдар ж-а атайын мыйзамдар м-н ишмердиги жөнгө салынуучу аскер кызматчылары, прокуратура, ички иштер, улуттук коопсуздук кызматы, салык-бажы инспекциясынын кызматкерлери кирет.

К. А. Бодобаев.

КЫЗМАТКЕР – эмгек *келишими* м-н иштөөчү ж-а *ишкананын* (мекеменин, уюмдун) ички эмгек тартибин сактоочу индивид. Эмгек мыйзамдарынын көз карашынан алганда подряд, тапшырма, автордук келишим б-ча иштегендер К. болуп эсептелбейт ж-а эмгек укугунун нормалары ага жайылтылбайт. Кырг-нда 2004-жылдын 11-августунда кабыл алынган «Мамлекеттик кызмат жөнүндө» мыйзамга ылайык «мамлекеттик кызматкер» деген түшүнүк киргизилген.

КЫЗМАТЧЫ СӨЗДӨР – сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албаган, бирок сөз же сүйлөмдү байланыштырууда же ар кандай кошумча маанини билдирүүдө колдонулган сөздөр. Алар өз алдынча турганда маниге ээ эмес ж-а сүйлөм мүчөлөрү да боло алышпайт. Буларга байламталар, жандоочтор, болүкчөлөр ж-а модалдык сөздөр кирет. К. с. толук маанилүү (негизги) сөздөрдүн семантикалык, граммат. (синтаксистик) жактан өзгөртүүгө өзгөрүүгө учурап, бир нече белгилери б-ча сөз мүчөсүнө жакындашып кетишинен пайда болот.

КЫЗ ОЮН – кызды күйөөгө берерде же жигит күйөөлөп келгенде кыз м-н жигиттер чогулуп, көңүл ачуучу салттык оюн-тамаша. К. о. атайын тигилген өргөөдө өткөрүлүп, ага күйөө, күйөө жолдоочулары, алардын тентуштары, эки тараптын жеңелери, жакын туугандар, жек-жаат тарынан жаштар катышкан. Өргөөгө кыз курбулары ж-а жеңелеринин коштоосунда (күйөө тараптагылар тиешелүү көрүндүгүн бергенден кийин) кирген. Кыз-келиндер өргөөгө жайгашкан соң, оюн башчы: «азыр күйөө бала жаңылбай такым сайса, колуктусунун үстүнө кирип, жанына отурат, жаңылса чоң айыбын тартып, кызыбыздын алдына түшөт», – деп жарыя айтып, бөлөгөнүн бир жагынын туурдугун, чийин кичине ачып берген да, окшош кийимчен топ кыздын көрсөтүп: «тиги кыздардын кимиси колуктун, такыясын сайып көрсөт»,– деген. Күйөө эмне м-н көрсөтөрүн билбей кайсалактап калганда, укурукчан жигит жанына келген. Укурукчуна күйөө кол созгондо, женеси «укурук акысын» сураган. Укурукту кереге көзүнөн сойлотуп, жүзүн жашыра эңкейе берген топ кыздын ичинен өз колуктусунун такыясын укуруктун ичке учу м-н акырын түртүп коюу м-н үйгө кирип, колуктусунун жанына отурган. Эгер жаңылып башка кыздын такыясын сайып алса, колуктусунан да, балдызынан да кечирим сурап, ырдоого, такыясы кыйшайган кызга бирдеме (буюм, кийим, пул) тартуулоого аргасыз

болгон. Күйөө өргөөгө кирип, колуктусунун жанына отурган соң, шакек салмай, бут басмай (күйөөнү, кызды таанмай), жоолук таштамай, кыз опмой, жолдош сурамай ж. б. оюндар ойнолуп, сүйүү, ашыктык, махабат, арзуу ырлары ырдалып, күү чертилип, жар көрүшүү салтанаты башталган. Буга *сармерден, жаңылмач*, о. эле тамаша иретинде кайым айтышуу (кордоо) да аралашкан. К. о-нда күрөш, аркан тартыш, бука тартыш, кыз куумай, о. эле жамбы (кыйык) атыш, оодарыш, кок бөрү, ат чабыш оюндары өткөрүлгөн учурлар да болгон.

«КЫЗ САЙКАЛ» – баатырдык эпос. 1978-ж. О. Урмамбетов КР УИАнын Кол жазмалар фондусуна тапшырган. Чыгарманын мазмунун негизинен «Манас» эпосундагы Сайкал м-н Манастын сайышы ж-догү эпизод, б. а. баатырдык үйлөнүү мотиви түзөт. «К. С.» эпосунун окуялары ойгут уруусунан чыккан Карача кан элин сырттан душмандын кол салуусунан коргоп, калктын бейпил турмушун сүроттоодон башталат. Кандын зарыгып коргон перзенти Сайкалдын куш салып, салбурунга чыгышы, он беш жашында жолборсту мерт кылышы, атасы Карачанын кытайга салык төлөп тургандыгын Шерик аттуу балбандан угуп, жер чалышы, Кытайдын Кежир балбанын сайышы, салык жыйнаганы келген кытайды жолотпой, өзү кытайларга барып, алардын төрөсүн булдурсун м-н жыга чабышы сыяктуу эпизоддордо Сайкал кадимки эпикалык баатыр катары сүроттолот. Ал элин, жерин душмандан бошотуп, атасы Карачанын ордуна кандык кылып калат. Ушул окуялардан кийин гана эпостун «Манас» эпосуна түздөн-түз тиешеси бар негизги болүгү башталат. Кокотойдун ашына Сайкал келбей калат. Жолой м-н күрөшөр балбан таппай калганда Сайкалдын келбегенине окунүшот. Ошондон улам Сайкалдын баатырдыгын билген Манас аш бүтөр м-н Алмамбет, Чубак, Сыргак, Бакайды жанына алып, Сайкалды издеп жонойт. Карачанын ордосуна барып, Сайкалдын эрдигин сыноо үчүн жылкы тиет. Сайкал түшүндө жылкы тийген Манас экенин билип, аттанат. Сайкалдын Манас м-н жүз көрүшүп, күч сынашып, жеңилген соң, ага акыреттик жар болууга ант бериши м-н окуя аяктайт. Манас м-н Сайкалдын акыреттик жар болушу – «Манас» эпосундагы салттуу, кооло мотивдин бири.

КЫЗ УЗАТУУ – үйлөнүү тоюнун салттуу көрүнүштөрүнүн бири. К. у. кыздын айылында өткөрүлөт. Болжошкон күнү кудалар бүлөсүн алып кетиш үчүн кыздын ата-энесиникине келген. Күйөө тарап камчы же белиндеги курун мойнуна салып: «Кулдугубуз бар, кудалар»,– деп, башын ийип, колун бооруна алып, кулдук урат. Кыз тараптын «кулдугуңар Кудайга» деген алкоосунан кийин келген кудалар атайы даярдалган конок үйгө, жоро-жолдоштору м-н бир аз артта кирген *күйөө бала* озунчо которулгон ак өргөөгө киргизилип, сый көрүшөт. Ак өргөөдө *кыз оюну* өткөрүлгөн соң, жеңелери кыздын чачын экиге бөлүп өрүп, даярдалган сөйкө, желбирооч, бой тумар, шакек, билерик, чач кап, үчтүк кооздуктарын тагып, шокүлөсүн кийгизип, атайын жабдылган, жасалгалуу атка мингизет. Узар алдында кыз төркүнү м-н коштошуу ырын айткан. Энеси кызынын жакшы сапаттарын кошокко кошкон. Коштошуу салттуу коомдун демейки көрүнүшү бо[illegible]а эсептелген, анткени кыз оз ата-энеси, уру[illegible]м-н биротоло коштошкон. «Чыккан кыз чи[illegible] сырткары», «Кыз башка элдин кишиси» деп[illegible]өздөрдө кыздын коомдогу статусу даана бер[illegible]ген. Кыз төркүнүнө чанда гана конок болу[illegible] келе алган, төркүнүнүн ички иштерине кийлигишүүгө укуксуз болгон. *Ы. Кадыров.*

КЫЗЫЛ (1918-ж. чейин Б е л о ц а р с к, 1926-ж. чейин Х е м-Б е л д ы р) – Тува Республикасынын борбору. Россиядагы шаар. Чоң Енисей (Бий-Хем) м-н Кичи Енисей (Ка-Хем) кошулган жерде, Азиянын геогр. борборунда жайгашкан. Усинск трактынын акыркы пункту. Калкы 108,3 мин (2009). Аэропорту бар. 1914-ж. негизделген. Автомобилдердин атайын жабдууларын чыгаруучу з-д, жеңил, тамак-аш, жыгаччылык о. ж., алтын казып алуучу ишканалар («Тывазолото», «Эми») иштейт. Шаарга жакын жерден көмүр казылып алынат. Ун-ттер, «Хоомей» эл аралык ил. борбору, Россия ИАнын Сибирь бөлүмүнүн филиалы, край таануу музейи, пед. ин-т, Красноярск агр. ун-тинин, политех. ин-ттун филиалдары, Тува тил, тарых ж-а ад-т ИИИлери, драма театры, филармония, музей бар. «Азиянын борбору» обелиски орнотулган (К. Азиянын геогр. борбору болуп эсептелет).



«Азиянын борбору» обелиски. 1964.

КЫЗЫЛ-АБАД – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Отуз-Адыр айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1135 *м* бийиктикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кара-Суу ш-нан 20 *км* түш.-чыгыш тарапта. Калкы 1375 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар.

КЫЗЫЛ-АГЫН МӨҢГҮСҮ – Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталындагы өроон тибиндеги мөңгү. Уз. 5,2 *км*, аянты 3,8 *км²*, көлөмү 0,1 *км³*. Кызыл-Суунун сол куймасы – Кызыл-Агын суусунун алабында жайгашкан. Башы деңиз деңг. 5300 *м*, этеги 3900 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4300 *м*, абляциясынын аянты 1,3 *км²*. Мөңгүдөн Кызыл-Агын суусунун сол куймасы башталат.

КЫЗЫЛ-АДЫР (1992-ж. чейин К и р о в) – Талас обл-нун Кара-Буура р-нундагы кыштак. Райондун ж-а Кара-Буура айыл округунун борбору. Талас суусунун боюнда, деңиз деңг. 980 *м* бийикт[illegible]кайгашкан. Облустун борбору Талас ш-нан [illegible]*км* батыш тарапта. Жамбыл т. ж. бекетине (Казакстан) 60 *км* түш.-чыгыш тарапта. Кы[illegible]ак аркылуу Талас – Тараз (Казакстан) автомо[illegible]ль жолу өтөт. 1886-ж. негизделген. Калкы 2,8 мин (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Май-сыр жасоочу «Арашан» АКы, жоопкерчилиги чектелген «Рахат» курулуш ишканасы, «Алтынай 1» фирмасы, кийим тигүүчү цехтер иштейт. Үч орто ж-а муз. мектеп, лицей, 2 китепкана, клуб, 3 бала бакча, мад-т үйү, 2 музей, мечит бар. Тамактануу ж-а соода жайлары, тех. тейлоо станциясы, базарлар, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү иштейт. К.-А-да «Баатырлар аллеясы» курулуп, анда Ч. *Түлөбердиевдин*, Ч. *Айтматовдун* ж-а Кара-Буура р-нунда туулган Соц. Эмг. Баатырларынын бюсттары коюлуп, Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Киров суу сактагычынын курулушуна байланыштуу мурунку ордунан 3–5 *км* түштүккө көчүрүлгөн.

КЫЗЫЛ-АЙ, К о к - А й д а р – Жалал-Абад обл-нун Базар-Коргон р-нундагы кыштак. Сейдикум айыл округуна караштуу. Кара-Үнкүр суусунун боюнда, деңиз деңг. 660 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кышнан 6 *км* түш. тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 38 *км*. Кыштак 1937-ж. негизделген. Калкы 4591 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Кесиптик-тех. окуу жайы, орто мектеп, китепкана, бала бакча, клуб, дарыкана, почта байланышы, мончо, мечит бар. Май сыгуучу цех, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, тегирмен, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, тамактануу жайлары, соода түйүндөрү иштейт. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры Ө. *Атабекова* туулган.

КЫЗЫЛ-АЛАЙ – Ош обл-нун Алай р-нундагы кыштак. Үч-Добо айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 2833 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Гүлчө кыш-нан 80 *км* түш.-батыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 168 *км*. Калкы 1022дей (2009); негизинен мал чарбасында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, ФАП бар.

КЫЗЫЛ-АЛМА – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нундагы кыштак. Кызыл-Туу айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1450 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 46 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 39 *км*. Кыштак 1994-ж. жер көчкүдөн жапа чегип, калктын 40%ке жакыны түзөң жерге көчүрүлгөн. Учурда (2012-ж.) 400дөй киши жашайт; негизинен кыргыздар. Жери тоолуу ж-а токойлуу келип, мал багууга ыңгайлуу.

КЫЗЫЛ-АЛМА ГАЗ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Ноокен р-нунда, Фергана тоо тизмегинин түш. этегиндеги адырда, Майлы-Суу ж-а Нарын д-нын аралыгында. 1968-ж. табылган. Кен мезозой ж-а кайнозой замандарында пайда болгон тоо тектердин антиклиналдык түзүлүшүндө жайгашкан. Газ 2780 *м* терендиктеги чопо, гравелит катмарчалары бар кумдук м-н алевролитте топтолгон. Газ жаткан аянт 2800,5 *км²*. Газдуу кабаттын калыңдыгы 32 *м*. Катмар басымы 321 *кгс/см²*. Суткалык дебити 174 мин *м³*. Газдын курамында метан 73–77,8%, этан 2,3–7,7%, пропан 0,8–1,37%, бутан 0,3–0,56%, пентан м-н жогорку сапаттагы газ 0,3%, азот ж-а сейрек кездешүүчү газ 20% кездешет. Күйгөндө жылуулук берүүсү 26,46–32,08 *МДж/кг*. Чалгындалган запасы 1419 млн *м³* (1974). Ош обл-нун о. ж. ишканаларын газ м-н камсыз кылат.

КЫЗЫЛ АРМИЯНЫН УЛУТТУК БӨЛҮКТӨРҮ – Түркстан крайлык советинин 5-съездинин (1918-ж. апрель-май) Түркстанда Кызыл Армиянын бөлүктөрүн уюштуруу ж-дөгү токтомуна ылайык түзүлгөн Жети-Суудагы аскер кошуундары. 1919-ж. кыргыз, казак, уйгур, дунган ж. б. улуттардан куралган эки эскадрон (бири 162, экинчиси 180 жоокерден турган атчандар полку) уюштурулуп, Совет бийлиги үчүн күрөшкөн. Алар негизинен жумушчу-дыйкандардан турган. Кыргыздардан Ж. *Саадаев*, С. *Каралаев*, К. *Баялинов* ж. б. белгилүү адамдар оз каалоосу м-н катышкан. 1919-ж. 29-сентябрда Түркстан АССРинин Рев-ячыл Аскер советинин токтому м-н *Түркстан фронтунун* рев-ячыл аскер советинин карамагына отүп, ошол эле жылдын 22-ноябрындагы Түркстан фронтунун аскер советинин буйругуна ылайык Жети-Суудагы бардык аскер бөлүктөрү дивизия укугун алып, озунчо Жети-Суу кошууну аталган. 1919-ж. 20-декабрда 3-Түркстан атчандар дивизиясына бириктирилген. 1920-ж. жай айларында Совет бийлигине каршы кыймылдын күч алышына байланыштуу Түркстан фронтунун командачысы М. *Фрунзе* ж-а Түркстан БАКтын төрагасы Т. *Рыскуловдун* буйругу м-н 19–35 жаштагы аскерге жарамдуу 25 миң адамды Кызыл Армиянын катарына чакыруу каралган. Аскерге чакырылгандардын саны 30 минге жеткен ж-а О. Азиянын тарыхында К. А. у. б. биринчи жол-

ку чакырылган туруктуу аскер болуп эсептелет. О. Азия аймагындагы басмачыларды ж-а контррев-ялык кыймылды басуу үчүн пайдаланылган (к. *Басмачылык*).

Ад.: Великая Октябрьская революция и гражданская война в Киргизии (1917–1920 гг.). Документы и материалы. Ф., 1957; *Баялинов К.* Боордоштор. Ф., 1962; История Киргизской ССР с древнейших времен до наших дней. В 5-и томах. Т. 3. Ф., 1986.

Б. Сатаров.

КЫЗЫЛ-АСКЕР – Бишкек ш-нын батыш четиндеги мурдагы кыштак. 1912-жылдан – Чала-Казак кыштагы. 1913-ж. кыштакта 320 киши (48 түтүн, негизинен кыргыздар) жашап, дыйканчылык м-н алектенишкен. А. ч. продукциясынын ашыгын Пишпек базарында сатышкан. К.-А. шаардын азык-түлүк базарларынын бири, 1939–59-ж. Фрунзе обл-ндагы Кызыл-Аскер р-нунун борбору болгон. 1962-ж. шаардын Ленин р-нунун курамына кирген. К.-А-дин аймагында 7–12-к-га таандык шаар калдыгы сакталган.

КЫЗЫЛ АСКЕР – Сов. Армиянын катардагы жоокеринин 1918–46-жылдардагы аскердик наамы. 1918-жылдын январынан Жумушчу-Дыйкан Кызыл Армиясынын кургактагы ж-а Аскер Күчтөрүнүн катардагы жоокерлери аталган. 1935-ж. 22-сентябрда СССР БАКтын ж-а ЭКСтин токтому м-н К. а. жеке жоокерге ыйгарылуучу аскердик наам катары киргизилип, кийин катардагы жоокер наамы м-н алмаштырылган.

«КЫЗЫЛ АСКЕРЛЕР» КӨТӨРҮЛҮШҮ (1351–68), «Кызыл байламчандар» көтөрүлүшү – Кытайдагы ири көтөрүлүштөрдүн бири. Көтөрүлүшчүлөр монголдордун *Юань династиясын* кулатып, Мин империясын орноткон. Баштарына кызыл жоолук байланып алгандыктан, «К. а.» к. аталган. Түн. Кытайдагы дыйкандардын монголдорго ж-а феодалдарга каршы көтөрүлүшүн Хань-Шань-тун (буддачыл жашырын Байляньцзяо (Ак лотос) сектасынын башчысы, 1351-ж. өлгөн) ж-а Лю Футун (секта мүчөсү, 1351-жылдан көтөрүлүштүн жол башчысы) жетектеген. Монгол династиясынын акыркы өкүлү Тогон-Тимур (Шуньди) Кытайдан куулуп, 1355-ж. Кытайдын Сун империясы калыбына келтирилген. Хань Линь-эр (Хань Шань-тундун уулу) өзүн император деп жарыялаган, бирок 1362-ж. көтөрүлүш өкмөт аскерлеринен женилген. 1351-ж. Борб. Кытайда (жетекчилери: Сюй Шоу-хой, Чэнь Ю-лян), 1352-ж. Янцзы д-нын төмөнкү агымында дыйкандар көтөрүлүшү (Байляньцзяо сектасы жетектеген) чыккан. Бирок Янцзыдагы көтөрүлүштү башкарган шаардык бай Го Цзы-син м-н будда кечили Чжу Юань-чжан жерг. феодалдар м-н кызматташып, 50-жылдардын ортосунан көтөрүлүшкө катышкан дыйкандар кыймылын кыйраткан. Ал 1367-ж. монгол башкаруучуларына каршы Түн. Кытайга жортуул жасап, 1368-жылдын башында алар Мин империясынын түзүлгөнүн жарыялаган ж-а Чжу Юань-Чжан анын 1-императору болгон. 1368-жылдын ортосунда Чжу Юань-Чжандын армиясы монголдордун борбору Дадуну алып, Кытайдагы монголдордун үстөмдүгүн кулаткан. «К. а.» к. өлкөнү улуттук боштондукка чыгаруу ишин аяктаган.

КЫЗЫЛ-АРТ АШУУСУ Чоң Алай тоосунда. Кырг-н ж-а Тажикстандын чегарасында, Кызыл-Арт суусунун батышынан өтүп алган. Бийикт. 4280 *м*. Ашуунун бели тайгак, түн. капталы тик, түштүгү жантайыңкы. Бара-бара Памирдин тайпак тоолоруна өтөт. Негизинен палеоген м-н неогендин кызыл түстүү чопо, алевролит, кумдук конгломерат тектеринен түзүлгөн. Жыл бою ачык, ал аркылуу Ош – Хорог автомобиль жолу өтөт.

КЫЗЫЛ-АРЫК – Чүй обл-нун Ысык-Ата р-ндагы кыштак. Сынташ айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1164 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кант ш-нан 51 *км* түш. тарапта. Ивановка т. ж. бекетинен 16 *км*. Калкы 1640 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры К. *Курманов* туулган.

КЫЗЫЛ-АТА – Жалал-Абад обл-нун Ала-Бука р-ндагы кыштак. Ак-Там айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1276 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ала-Бука кыш-нан 5 *км* чыгыш тарапта. Наманган т. ж. бекетинен 70 *км*. Калкы 2064 (2009); негизинен дыйканчылыкта эмгектенет. Орто мектеп, бала бакча, клуб, ФАП бар. Тегирмен, май сыгуучу цех иштейт.

КЫЗЫЛ-АТА ЧОПО КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Ала-Бука р-нунда, Ала-Бука кыш-нан 6 *км* түн.-чыгышта. 1987-ж. Түш. Кыргыз геол. экспедициясы чалгындаган. Кендин калындыгы 15 *м*ден 17 *м*ге чейин, палеоген мезгилинде пайда болгон чоподон турат. Чопо катмары 1 *км*ге чейин түн.-чыгыш тарапка созулуп жатат. Чопо женил эзилгич, кызыл-күрөң, ийилгич, кол м-н кармаганда майланышкансып турат. Чопо «100» маркасындагы кыш жасоодо, пластирлөөчү кошумча (30% ж-а андан көп) катары колдонулат. Запасы C_1 категориясы б-ча 140,7 мин $м^3$.

КЫЗЫЛ АЯНТ – Москва ш-нын борб. аянты, батышынан Кремль м-н тутумдаш. Кремль дубалынын чыгыш болүгү мамл. дүр-дүйнө дүкөнү, Василий Блаженный храмы (Покров собору), мамл. тарых музейинин имараты м-н чектешет. 15-к-дын аягында курулуп, 17-к-дын 2-жарымынан Кызыл аянт деп (кооз) аталган. Алгач соода, 16-к-дан салтанаттуу шаан-шөкөт өткөрүлүүчү жай болгон. К. а-тын арх-ралык ансамблинин калыптанышында Кремль дубалы м-н Спас, Сенат, Никола мунараларынын ж-а 1555–60-ж. зодчийлер Барма м-н Постник салган Василий Блаженный чиркөөсүнүн ролу зор. 17-к-дын аягында К. а-та бир катар адм. имарат:



1697-ж. Монета сарайы, 1699-ж. Земский приказ, кийин Башкы аптека салынган. Мында 18-к-дын аягында маданий мекемелер топтоло башташ. Спас дарбазасында китеп соодасы, Никол. дарбазасында театр, 1755-ж. Башкы аптекалык имаратында Москва ун-ти ж. б. ачылган. 1818-ж. К. Минин м-н Д. Пожарскийге эстелик тургузулган (скульптор И. П. Матрос). 19-к-дын акыркы чейрегинде К. а-та тарых музейи, мамл. дүр-дүйнө дүкөндүн имараты тургузулган. К. а. орус тарыхындагы көптөгөн окуялардын аренасы болуп, Москвадагы «Туз козголоңу» (1648). «Жез козголоңу» (1662), Аткычтар көтөрүлүшү (1682) чыккан. 1924–30-ж. арх. А. В. Щусевдин жетекчилиги м-н В. И. Лениндин мавзолейи салынган. Мавзолей мурда жыгачтан, 1929–30-ж. таштан салынган. 1930–31-ж. К. а. брусчатка м-н жабылып, трибуналар (арх. И. А. Француз) жасалып, Кремль дубалын бойлото карагай отургузулган. 1992–94-ж. К. а-тагы Казан собору калыбына келтирилген (1636-ж. салынып, 1936-ж. бузулган). Кремль дубалынын жанына мүрзолор жайгашып, эң көрүнүктүү мамл. ишмерлердин сөөктөрү, дубалына сөөк күлдөрү коюлган, мында эл аралык жумушчу кыймылынын көз бир ишмерлеринин сөөктөрү да бар. К. а-та аскер парадлары, демонстрациялар, митингдер өтөт. Москвадан чыккан бардык шосселер К. а-тан баштап эсептелет.

КЫЗЫЛ-БАГЫШ – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-ндагы кыштак. Сайпидин Атабеков ат. айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 725 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак Абад т. ж. бекетинен 7 *км* аралыкта. Калкы 817 (2009); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет.

КЫЗЫЛ-БАЙРАК (мурда Бостон, кийинчерээк Гүлстан деп да аталган) – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-ндагы кыштак. Кызыл-Туу айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 840 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 14 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 9 *км*. Кыштак 1880-ж. негизделген. Калкы 1163 (2009); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто ж-а мектеп-интернат, бала бакча, ФАП бар. 1930-ж. уюшулган «Кызыл-Байрак» колхозунун атынан аталып калган. Учурда кайрадан Бостон деп аталат.

КЫЗЫЛ БАЛЫРЛАР (Rhodophyta) – балырлар бөлүмү; түрдүү түстөгү бир ж-а көп клеткалуу организмдер. Хроматофорунда хлорофилл, каротин, ксантофилл, фикоэритрин, фикоциан сыяктуу пигменттер болот. Бул пигменттерге жараша К. б. түрдүү түстө (ачык кызыл, кочкул кызыл, көгүш кызыл, саргыч кызыл, кок жашыл) кездешет. К. б. жип сымал же топтошкон өсүндүлөр, бутакчалар, пластинкалар, кээде «сабакча», «жалбыракчалар» түрүндөгү талломдуу өсүмдүктөр. Негизинен океан, денизде, аз санда тузсуз сууда жашайт. Көпчүлүк жөнөкөй түзүлүштөгүлөрүнүн клеткалары бир, татаал түзүлүштөгүлөрүнүкү көп ядролуу болот. Бир клеткалуу ж-а колониялуу формаларында вегетациялык көбөйүүсү клеткаларынын бөлүнүүсү м-н жүрөт. Жыныссыз көбөйүү – моноспора, тетраспоралар, жыныстык көбөйүүсү *оогамия* аркылуу ишке ашат. К. б-дын 600дөн ашык уруусу, 4 миңге жакын түрү белгилүү. Кырг-ндын өзөн сууларында К. б-дын 5 түрү кездешет.



Кызыл балырлар: 1 – тарамдуу филлофора; 2 – порфира.

КЫЗЫЛ БАШТАР (шииттердин 12 имамынын урматына 12 тилкелүү кызыл тебетей кийгендер дегенден чыккан соз) – Кичи Азия м-н Азербайжандагы көчмөн түрк урууларынын бирикмеси. К. б. *Сефевиддер династиясынын* башкы аскер таянычы болуп, алардын шайыктарынын башчылыгы м-н Грузия, Трапезунд империясына ж. б. коңшу өлкөлөргө кол салышкан. К. б. Исмаил Сефевинин жетекчилиги м-н 16-к-дын башында *Ак-Койлуу* мамлекетин талкалап, Исмаилди шах көтөрүп (1502), Сефевиддер мамлекетин негиздешкен. К. б-дын ак сөөктөрү бул

мамлекетти 16-к-дын аягына чейин бийлеген. 16-к-дын аягында шах Аббас I туруктуу армия түзгөндөн кийин К. б-дын ж-а алардын кошуундарынын саясий мааниси аябай төмөндөгөн. 16–17-к-дагы расмий орус документтеринде Сефевиддер мамлекетинин букараларынын баары К. б. деп аталган.

КЫЗЫЛ-БЕЛ – Баткен р-нундагы кыштак. Кара-Бак айыл округуна караштуу. Баткен – Исфана автомобиль жолунун боюнда, дениз деңг. 946 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Баткен ш-нан 9 *км* түн.-батыш тарапта. Исфара т. ж. бекетинен (Тажикстан) 13 *км*. Калкы 3849 (2009); негизинен мал чарбасында эмгектенип, өрүк белендешет.

КЫЗЫЛ-БОЛОТ О́НИКС КЕНИ Ош обл-нун Ноокат р-нунда, Кара-Бий кыш-нан 3 *км* түш. тарапта, Алай кырка тоосунун түн. этегиндеги Кызыл-Болот дөңсөөсүндө. 1982-ж. табылган. Кен аймагын карбон мезгилинде пайда болгон акиташ теги түзөт. Кен тектон. жаракалар м-н тилмеленип, аларды бойлой карст үңкүрлөрү орун алган. Үңкүрлөргө топтолгон кен эки түрдө кезигет. Биринчиси линза сымал катмар, калыңдыгы 0,5 *м*, уз. 20 *м*. Оникс ак, күрөң, саргыч, боз түстө, темгилдүү, кооз. Экинчиси салаңдаган ж-а шиш сыяктанган сталактит м-н сталагмит. Сталактиттин уз. 1,1–1,5 *мге*, диаметри 0,1–0,3 *мге* жетет. Оникстин өңү күрөң сымал сары, бозомук күрөң. Кооздугу б-ча жогорку касиетке ээ. Блоктуулугу 20×20×20 *см*. Кендин запасы 15,0–16,0 $м^3$.

КЫЗЫЛ-БУЛАК – Баткен обл-нун Кадамжай р-нундагы кыштак. Көтөрмө айыл округуна караштуу. Шаймерден капчыгайында, Ак-Суу суусунун ж-а Фергана – Хамза-Абад автомобиль жолунун боюнда, дениз деңг. 2080 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Пүлгөн кыш-нан 15 *км* түш.-чыгыш тарапта. Маргалаң т. ж. бекетинен (Өзбекстан) 48 *км*. Калкы 1555 (2009); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, клуб, ФАП бар. Тамактануучу жайлар, соода түйүндөрү иштейт.

КЫЗЫЛ-БУЛАК – Ош обл-нун Ноокат р-нундагы кыштак. Т. Кулатов атн. айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1340 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ноокат ш-нан 48 *км* батыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. бекетинен 14 *км*. Калкы 1380 (2009); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто ж-а негизги мектеп, китепкана, бала бакча, клуб бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү, тегирмен, мончо иштейт. Кыштакта мамл. кызматкер Т. *Кулатов* туулган.

КЫЗЫЛ-БУЛАК КӨМҮР КЕНИ Ош обл-нун Алай р-нунда, Сары-Могол сайынын чыгыш жагында, Алай кырка тоосунун түш. капталында, Кызыл-Булак сайында. Кенди жерг. эл 1993-ж. суурдун ийинин казууда ачкан. 1993-ж. издөө, 1994–95-ж. чалгындоо иши жүргүзүлгөн. 1994-ж. көмүрдү «Кен» фирмасы ж-а «Ош-Пирим» АКы каза баштаган. Юра катмарында татаал түзүлүштөгү көмүрлүү бир кабат бөлүнгөн. Анын калыңдыгы 4,21 *мден* 7[illegible],41 *мге* чейин өзгөрөт. Сапаты б-ча көмүр 3Б [illegible]ркасына таандык. Орт. күлдүүлүгү – 16,94%, орт. күйүү жылуулугу – 26,33 *МДж/кг* (629[illegible] *кал/кг*). Запасы 3710 миң *т*.

КЫЗЫЛ-БУЛАК Я́ШМА КЕН[illegible] [illegible]арын обл-нун Ат-Башы р-нунда, Байбиче то[illegible]нун түш. этегинде жайгашкан. Кен аймагы[illegible] девон мезгилиндеги боз түстүү акиташ м-н [illegible]анец тоо тектери жатат. Арасында яшма ка[illegible]ры кездешет. Калыңдыгы 10–50 *м*, уз. 0,5–4,[illegible] *км*ге созулат. Яшма жашыл боз түстө, темгилдүү, жакшы сайкалданат. Блоктордун өлчөмү 5×5 *мге* жетет. Жүк көтөрүмдүүлүгү жогору, суукка чыдамдуу. Болжолдуу запасы 60 миң $м^3$. Ар кандай кооз буюмдарды жасоого болот.

КЫЗЫЛ ВОЛЧА́НКА – *коллаген ооруларынын* бири. Анын оорулуунун жалпы абалына анча таасир тийгизбей, терини жабыркатуучу өнөкөт (тегерек тактар пайда болот) ж-а жалпы (системалык) түрү кездешет. Өнөкөт К. в-да теринин кээ бир жери кызарып, агыш-бозомук түрпүчөлөр м-н капталып, акырындык м-н чоноюп, кийинчерээк алардын ортосундагы тери жукарып, тырык пайда болот. Көбүнчө бет териси, чачтын арасы, кулак жабыркайт. Бул оору көп жыл бою созулуп, жаз, жай айларында күчөйт. Жалпы К. в. көпчүлүк орган ж-а системалардын жабыркашы м-н мүнөздөлөт. Ал кан тамыр ж-а туташтырма тканды системалуу түрдө бузат. Ооруга күнгө күйүү, үшүк алуу, дарылар (антибиотиктер ж. б.), кош бойлуулук ж. б. түртkү берет. Оорулуунун муундары жабыркап, кез-кезде же дайыма ооруп, шишип, кызарат. Ал муун, тарамыштарга да тарайт. Териге түрдүү кызыл чыгып, көпчүлүк оорулуунун чачы түшүп, териси кургап, тырмактары сынат. О. эле жүрөк, өпкө, бөйрөк, көздү ж-а нерв системасын жабыркатат. Кээде ичеги, карын, лимфа системасынын иши бузулат. Дарылоодо безгекке каршы дарылардын ичинен сезгенүүгө каршы таасир берүүчү синтез жолу м-н алынган дарыдармектер, *гормондор, витаминдер*, май дарылары ж. б. колдонулат.

КЫЗЫЛГАТ, к ы з ы л б ү л д ү р к ө н (Rubus saxatilis) – өсүмдүктөрдүн роза гүлдүүлөр тукумундагы көп жылдык чөп. Сабагы көбүнчө тикенектүү, бийикт. 30 *см*дей, жалбырагы үч ача, түктүү, гүлү ак. Мөмөсү сыңар же топтошуп (2–6 кызыл мөмө) чыгат. Евразиянын көлөкөлүү токойлорунда, бадал арасында өсөт. Кырг-нда кездешет. Мөмөсү жегиликтүү келип, андан кыям, пастила, суусундук даярдалат.

КЫЗЫЛ ГВА́РДИЯ – Октябрь рев-ясынын негизги сокку уруучу күчү, жумушчулардын куралдуу отряды. 1917-ж. мартта большевиктердин жетекчилиги м-н түзүлгөн. Октябрь рев-ясы жеңип чыккандан кийин К. г. бийликти жеңип алуу куралынан Совет респ-н коргоо ж-а бекемдөө куралына айланган. Түркстан АССР ЭКСтин 1917-ж. 24-ноябрда кабыл алган токтомунун негизинде Түркстан крайынын шаарларында ж-а уезддеринде К. г. отряддарын уюштуруу башталган. 1917-ж. 31-декабрда Бишкек ш-нда К. [illegible]. отряды уюшулуп, ага 200дөй адам мүчө бо[illegible]. О. эле Кызыл-Кыя, Токмок, Каракол ш-[illegible] уюшулган. 1918-жылдын орто ченинде [illegible]кстан аймагында 11 миңден ашуун К. г-чы[illegible] болгон. Элдин оор абалын көрүп-билип тур[illegible] ашык эгинин мамлекетке өткөрбөш үчүн же[illegible] көмгөн, тамак-аштын баасын асмандаткан [illegible]лактардын ашык эгинин алып, кедейлерге т[illegible]тып берүү чаралары көрүлгөн. Кырг-нда К. г-чылардын чечкиндүү аракеттеринин натыйжасында миңдеген пуд эгин даярдалып, дыйкандарга үрөн үчүн берилген. Бара-бара К. г-нын коомдук тартипти сактоо б-ча милдеттери милиция органдарына өткөзүлүп, К. г. толугу м-н Кызыл Армияга кошулган.

КЫЗЫЛ ГВАРДИЯНЫН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КОШУУНДАРЫ (1917–18) – Октябрь рев-ясынан кийин (к. *Октябрь революциясы, 1917*) Кырг-нда Совет бийлигин орнотуу ж-а аны чыңдоо үчүн атайын уюшулган куралдуу күч. 1917-ж. декабрь – 1918-ж. мартында уюштурулган. Алардын катарын негизинен фронттон келген солдаттар түзүп, жумушчу-дыйкандар толуктаган. Алар «ыктыярдуу кошуундар» деп аталган. Алгачкы кошуундар Кызыл-Кыя, Сүлүктү ш-нда, 1918-ж. февралда Пишпекте (И. И. *Едрёнкин*, Я. Н. *Логвиненко* башчылык кылышкан) түзүлгөн. Аны түзүүгө мүмкүнчүлүк болбогон жерлерде анын ролун элдик милиция аткарган. 1918-ж. К. г. К. к. Кызыл Армиянын улуттук ж-а жерг. бөлүктөрү болуп кайра түзүлгөн.

Ад.: *Зима А. Г.* Победа Октябрьской Революции в Киргизии. Ф., 1966; История Киргизской АССР с древнейших времен до наших дней. В 5-и томах. Т. 3. Ф., 1986; *Джуманалиев А.* Политическая история Кыргызстана (Становление политической системы кыргызского общества). Б., 2005. *Б. Сатаров.*

«КЫЗЫЛ ГҮЛ» – кыргыз ад-тынын тарыхындагы алгачкы ыр жыйнак. 1927-ж. Москва ш-нда араб тамгасы м-н 3 миң нускада басылып чыккан. Жыйнакка А. Токомбаев, С. Карачев, М. Элебаев, Ж. Жамгырчиев, М. Токобаев ж. б. жазуучулардын ырлары, о. эле 1925-ж. К. Тыныстанов орусчадан которгон «Интернационал» ж-а 1926-ж. К. Баялинов которгон М. Ю. Лермонтовдун «Үч курмасы» да кирген.

КЫЗЫЛ ДЕҢИЗ Инди океанындагы Жер ортолук дениз, Африка материги м-н Араб ж. а-нын (Түш.-Батыш Азия) аралыгында жайгашкан.



Дениздеги коралл (шуру) курулуштары.

Египет, Судан, Эфиопия, Израиль, Иордания, Сауд Арабиясы ж-а Йемен мамлекеттеринин жээктерин чулгап жатат. Баб-эль-Мандеб кысыгы аркылуу Инди океаны, Суэц каналы аркылуу Жер ортолук дениз м-н туташат. Аянты 460 миң $км^2$. Эң терең жери 3039 *м*. Жээктеринде булуң-буйткалар аз. Суэц ж-а Акаба булуңдарынын (түндүгүндө) аралыгында Синай ж. а. денизге кирип турат. Ири аралы – Дахлак. Суткасына 2 жолу ташкындайт, бийикт. дениздин ачык бөлүгүндө 0,6 *мге* жетет. К. д. дүйнөдөгү эң жылуу (32°Сге чейин) ж-а туздуу (38–42‰) көлдөрдүн бири. Европаны Азия ж-а Австралия м-н байланыштыруучу кыска дениз жолу. Балык кармалат, бермет алынат. Негизги порттору: Суэц (Египет), Порт-Судан (Судан), Массауа (Эфиопия), Жида (Сауд Арабиясы), Ходейда (Йемен). Дениздин аты андагы көптөгөн балырлардын (Frishodesmium erythraeum) сууга кызыл түс берип турушунан пайда болгон деп божомолдонот.

КЫЗЫЛ-ДӨБӨ – Нарын обл-нун Кочкор р-нундагы кыштак. Кара-Суу айыл округуна караштуу. Сөөк өрөөнүнүн оозунда, Сөөк суусунун боюнда, дениз деңг. 2208 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кочкор кыш-нан 47 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 97 *км*. Кыштак 1937-ж. негизделген. Калкы 2085 (2009); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана бар. Соода түйүндөрү иштейт. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры Ш. *Сыдыков* туулган.

КЫЗЫЛ-ДЫЙКАН – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Жазы айыл округуна караштуу. Жазы суусунун оң өйүзүндө, дениз деңг. 1050 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 11 *км* түн.-чыгыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 57 *км*. Калкы 2862 (2009); негизинен дыйкан ж-а мал чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү, тегирмен, мончо иштейт.

КЫЗЫЛ-ДЫЙКАН (1958-ж. чейин К е д е й) – Чүй обл-нун Жайыл р-нундагы кыштак. Кызыл-Дыйкан айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1082 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кара-Балта ш-нан 25 *км*

түш.-чыгыш тарапта. Кыштак 1935-ж. негизделген. Калкы 1117 (2009); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, бала бакча, ФАП бар. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КЫЗЫЛ-ЖАЗЫ КӨРҮСТӨНҮ – б. з. 1–5-к-на таандык хуннлардын мүрзөлөрү. Токтогул р-нундагы Артак тоосунун түш. капталында жайгашкан. 270 дөбө-мүрзөдөн турат, диаметри 7–14 *м*, бийикт. 0,8–1, 8 *м*. Маркумдардын сөөгү жалгыздан же экиден казанактуу көрлөргө коюлган. 1966-ж. 40 дөбө-мүрзөнү археолог Ы. Кожомбердиев казып ж-а изилдеген. Казуу учурунда ар түрдүү карапа идиш, темир кылыч, жебе, акак мончоктор табылган.

КЫЗЫЛ-ЖАР – Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нундагы кыштак. Назаралиев атн. айыл округуна караштуу. Нарын д-нын боюнда, деңиз денг. 520 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кербен ш-нан 73 *км* түш.-чыгыш тарапта. Үч-Коргон т. ж. бекетинен (Өзбекстан) 4 *км*. Калкы 5016 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, оорукана, дарыкана, поликлиника, мад-т үйү, мечит бар. Турмуш-тиричилик кызматы, мончо, соода жайлары, базарчалар иштейт.

КЫЗЫЛ-ЖАР – Ош обл-нун Кара-Кулжа р-нундагы кыштак. Үч-Коргон айыл округуна караштуу. Көл-Кайынды суусунун оң өйүзүндө, деңиз денг. 2110 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Кулжа кыш-нан 105 *км* түш.-чыгыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 193 *км*. Калкы 1051 (2009); негизинен мал багат. Басмачыларга каршы күрөштө курман болгон Сагындык Төрөкановго эстелик тургузулган. Кыштакта кыргыз эл акыны С. *Жусуев* туулган.

КЫЗЫЛ-ЖАР – Таш-Көмүр шаар кеңешине караштуу шаарча (1952-жылдан). Аксы р-нунун аймагында. Таш-Көмүр ш-нан 25 *км* түш.-батыш тарапта. Үч-Коргон (Өзбекстан) т. ж. бекетинен 25 *км*. Калкы 2,6 миң (2009). Эки орто мектеп, бала бакча, китепкана, клуб ж. б. бар. Турмуш-тиричилик кызматынын болүмдөрү, соода жайлары, базар, мончо, оорукана, респ. психоневрол. оорукана (1000 орундуу) иштейт.

КЫЗЫЛ-ЖАР – СУЗАК ЦЕЛЕСТИН КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нунда, Жалал-Абад т. ж. бекетинен 12 *км* түш.-батышта, деңиз денг. 860–940 *м* бийикте. 1958-ж. изилденген. Целестин бор мезгилинин дат ярусунда жайгашкан. Эки участкадан турат. Кызыл-Жар участкасында кенташ тулкусу кабат түрүндө 1150 *м*ге, Сузак участкасында 2060 *м*ге созулуп жатат. Целестин негизинен желвак сымал кездешет. Стронций оксидинин олчому 2,38%тен 54,13%ке чейин өзгөрөт. Целестин кенташта текши тараган эмес, 1 $м^3$ массасынан алынган 64 *кг* концентратта стронций оксидинин олчому 63,5%. Целестиндин запасы C_1 категориясы б-ча 32,7 миң *т*.

КЫЗЫЛ-ЖОЛ – Баткен р-нундагы кыштак. Баткен шаарынын курамына кирет. Деңиз денг. 1055 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Баткен ш-нан 3 *км* батыш тарапта. Исфара т. ж. бекетинен (Тажикстан) 25 *км*. Калкы 3843 (2009); негизинен мал багат, дыйкан чарбаларында эмгектенип, орүк белендейт. Орто мектеп, китепкана, оорукана бар.

КЫЗЫЛ ЖҮГҮРҮК, к. *Ревматизм*.

КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗ – Жалал-Абад обл-нун Ноокен р-нундагы кыштак. Ноокен айыл округуна караштуу. Шалка суусунун оң өйүзүндө, Бишкек – Ош автомобиль жолунун боюнда, деңиз денг. 575 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Масы кыш-нан 11 *км* батыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 56 *км*. Кыштак 1935-ж. негизделген. Калкы 1194 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Бала бакча, китепкана бар. Кыштакта 2 дыйкан чарба, тех. сервис, соода түйүндөрү иштейт.

КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗ – Нарын обл-нун Жумгал р-нундагы кыштак. Кызыл-Жылдыз айыл округуна караштуу. Жумгал суусунун оң өйүзүндө, деңиз денг. 1610 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Чаек кыш-нан 5 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 185 *км*. Кыштак 1927–28-ж. негизделген. Калкы 1667 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗ – Талас обл-нун Манас р-нундагы кыштак. Үч-Коргон айыл округуна караштуу. Эчкили тоосунун түн. этегинде, Жамбыл – Талас автомобиль жолунун боюнда, деңиз денг. 705 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Покровка кыш-нан 7 *км* батыш тарапта. Жамбыл т. ж. бекетинен (Казакстан) 18 *км*. Калкы 2421 (2011); негизинен мал чарбасында эмгектенет. Орто ж-а балдардын спорт мектеби, китепкана, бала бакча, оорукана, дарыканалар, клуб бар. Санитария-эпидемиол. станция, үй-б-лолук дарыгерлер тобу, тамактануучу жайлар, соода түйүндөрү иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗ, К а р а - Ч и й – Нарын р-нундагы кыштак. Жерге-Тал айыл округуна караштуу. Нарын д-нын оң өйүзүндө, деңиз денг. 2120 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Нарын ш-нан 31,5 *км* түн. тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 148,5 *км*. Кыштак 1965-ж. негизделген. Калкы 1257 (2009); негизинен мал багат. Орто мектеп, китепкана, клуб бар. Эки тегирмен, мончо, ФАП иштейт.

КЫЗЫЛ КАПЧЫГАЙ Борб. Тенир-Тоодо. Кайынды кырка тоосунун түш.-батыш капталы аркылуу аккан Көйкап суусунун алабында. Ак-Суу р-нунун аймагында. Уз. 6 *км*, таманы кууш (2–3 *м*), деңиз денг. 1900–2800 *м* бийикте жатат. Капчыгай башталышында Кайынды кырка тоосун эки тармакка болуп, бирөө түн. батышка карай 4539 *м*ден 3400 *м*ге чейин жапыздап, байыркы түздүккө өтөт; экинчиси Кара-Арча аталып, түндүктү карай 4381 *м*ден 3608 *м*ге чейин жапыздайт. Төрү кенен (10 *км*). Андан төмөн таманы кууш, рельефи татаал. Капталдары жалама зоо. Девондун кызыл түстүү акиташ теги, кум, сланец, диабаз, порфирит; ортонку палеозойдун серпентинит, перидотит ж. б. тектеринен туруп, тектон. жаракалар м-н тилмеленген. Капчыгай аркылуу аккан суунун уз. 12 *км*. Өсүмдүктөргө жарды. Капчыгай аркылуу Көйкап өрөөнүнө ат м-н өтүү эң татаал жалгыз жол бар.

КЫЗЫЛ-КАПЧЫГАЙ, Ж е р - К а п ч ы г а й – Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нундагы кыштак. Жерге-Тал айыл округуна караштуу. Деңиз денг. 1430 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кербен ш-нан 15 *км* түн. тарапта. Шамалды-Сай т. ж. бекетинен 91 *км*. Кыштак 1935-ж. негизделген. Калкы 1194 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Айналы өстүрүлөт. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар. Соода түйүндөрү иштейт.

КЫЗЫЛ КАРАГАЙ (Larix) – Карагайлар тукумундагы ийне жалбырактуу дарак. Бийикт. 35–50 *м*, диаметри 175 *см*дей. Ийне жалбырагы жумшак, кышкысын күбүлмө, жаш өркүнүндөгү бирден бутагында боочо болуп жайгашат. Гүлү бир жыныстуу тобурчак, эрте жазда жалбырагы м-н тең ачылат. Уругу канатчалуу. Европада, Азияда 20 түрү өсөт. КМШ өлкөлөрүндө жапайы 11 түрү бар. Кырг-нда эс алуу жайларында, кочо бойлорунда өстүрүлөт. Шагы сейрек, конус сымал. Күнөстүү, чополуу, борпоң топуракту, нымдуу жерде жакшы өсөт. 15–25 жылдык дарагы мөмөлөйт. 300–500 жыл өмүр.



Жыгачы кеме курууда, суу астындагы курулмалар, эмерек жасоодо, кагаз, целлюлоза, спирт ж. б. алууда колдонулат. Кабыгынан кездеме токууч, сиңдөөчү заттар, жалбырагынан эфир майы алынат.

КЫЗЫЛ КАРЫШКЫР (Cuon alpinus) – карышкырлар тукумундагы жыртыч сүт эмүүчү. Дене уз. 100 *см*дей, куйругу 50 *см*ге, салмагы 14–21 *кг*га жетет. Карышкырдан айырмасы астынкы жаагында азуу тиши жок. Өңү саргыч кызыл, боор жагы жонунан ачыгыраак. К. к. көбүнчө бийик тоо алкактарын мекендейт. Бир орунда турбастан, ооп жашаган жаныбар. Күндүз активдүү. Ири жаныбарлар м-н азыктанат. Ал 1 жылда 1 жолу 3–9га чейин, көбүнчө 5тен болтүрүк туурт. К. к. эң сейрек кездешүүчү жаныбар болгондуктан, ТКЭСтин ж-а Кырг-ндын Кызыл китебине катталган.



«КЫЗЫЛ КАШТУУЛАРДЫН» КӨТӨРҮЛҮШҮ – 17–27-жылдардагы Кытайдагы элдик көтөрүлүш. Көтөрүлүшчүлөр өкмөт аскерлеринен айырмаланыш үчүн каштарын кызылга боёп алган. «К. к.» к. Кытай императору Ван Мандын элди оор абалга алып келген реформаларына каршы чыккан. Ал дыйкан Фань Чундун жетекчилиги м-н Шаньдун провинциясында башталган. 21-ж. алар Ван Мандын армиясын 2 жолу талкалап, 23–24-ж. империянын борбору Чаньанга карай бет алган. Өнөл өзөнө өзүнчү тараптан (Хубей провинциясынан) өкмөткө каршы чыгып, Ван Мандын жиберген Лю Сюандын отряды Чаньанды коргоп койгон. Жерин ж-а мамл. мүлкүн өзүнө кошуп, чиновниктерди өлтүрүп, сальяновдорду, документтерди орттогон. 23-ж. Ван Мандын өлтүрүп, борборду ээлеген Лю Сюандын бийлигин таанып, Шаньдун провинциясында анын аскерине кошулган. 24-ж. жайында Чаньанды алган да, Ван Мандын тактыга отургузушкан. Бирок көп өтпөй Лю Сюан өзүн император деп жарыялап, Фань Чунга каршы күрөш баштаган. 27-ж. ак сооктордон чыккан Лиу Сю (25-ж. ал Хань династиясынын [illegible] тагынуун алган) аскерлеринен жеңилип, өлүк. ж. дыйкандарга ж-а кулдарга жакшы мамилектерди алып келген.

КЫЗЫЛ-КЕЧУУ, КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Ала-Бука р-нунда. Сумсар шаарчасынан 5 *км* аралыкта. Деңиз денг. 1140–1170 *м* бийикте жайгашкан. [illegible], изилденген. Опал желвактары 15–[illegible] өлчөмдө, кызыл түстүү бухара ж-а сузак [illegible] катмарларындагы мергель кабатында [illegible]. Опалдын оңу түтүндөй боз, кара боз, [illegible] боз, кызгылт боз. Зергерликте керек [illegible] таш катары колдонууга жарамдуу. Кабыл алуу ресурсу 2250 $м^3$.

КЫЗЫЛ-КОБА ДАНИЯТЫ – коло кылымына таандык (б. з. ж. 9–6-к.) Крымдагы археол. эстелик. Симферополго жакын Кызыл-Коба үнкүрүнө аталган. Тургун жайлар ж-а коргостондор [illegible]. Калкы малчылык ж-а кетменде жер иштетүү м-н кесип кылган.

«КЫЗЫЛ КОЗУ» – Октябрь рев-ясына чейинки соодалашуунун бир түрү. Айрым адамдар, ко-

бүнчө соодагерлер сата турганын (мал, эт, кездеме, кийим, эгин ж. б.) күн мурунтан насыя берип, кийин пайдасы м-н өндүрүп алган. Кышында насыя сатылган нерсе жазгы төлдөн, жайындагысы күзгү семиз малдан кайрылып алынган. «К. к-га» берүү соодагерлердин, сүткорлордун, кызыл кулактардын кошумча пайда табышына шарт түзгөн.

КЫЗЫЛ-КОРГОН – Нарын обл-нун Жумгал р-нундагы кыштак. Кабак айыл округуна караштуу. Көкөмерен суусунун сол өйүзүндө, дениз деңг. 1530 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Чаек кыш-нан 55 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 230 *км*. Кыштак 1936-ж. негизделген. Калкы 1000 (2009); негизинен мал багып, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Китепкана, ФАП бар.

КЫЗЫЛ-КОРГОН – Ош обл-нун Араван р-нундагы кыштак. Маңгыт айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 975 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Араван кыш-нан 16 *км* түш. тарапта. Ош т. ж. бекетинен 39 *км*. Калкы 1014 (2009); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет.

КЫЗЫЛ-КОШЧУ – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Жоош айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 885 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кара-Суу ш-нан 11 *км* түш.-чыгыш тарапта. Калкы 1957 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб ж-а ФАП бар. Соода жайлары иштейт.

КЫЗЫЛ-КӨЛ – Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нундагы кыштак. Кара-Суу айыл округуна карайт. «Аркыт» токой чарбасынын аймагында, дениз деңг. 1100 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кербен ш-нан 80 *км* түн.-чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 55 *км*. Калкы 1008 (2009); негизинен токой чарбасында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КЫЗЫЛ-КУМ – Орто Азиядагы чөл, Аму-Дарыя м-н Сыр-Дарыянын аралыгында, Өзбекстан, Казакстан, бир аз бөлүгү Түркмөнстандын аймагында. Түн.-батышынан Арал денизи, түн.-чыгышынан Сыр-Дарыя, чыгышынан Теңир-Тоо ж-а Памир-Алайдын тармактары, түш.-батышынан Аму-Дарыя м-н чектешет. Аянты 300 миң *км*². Дениз деңг. 300 *м* бийикте жаткан түздүктөрдөн (түш.-чыгышында), айрым туюк ойдундардан ж-а бири-биринен обочолонуп жайгашкан, кокту-колоттуу (бийикт. 922 *мге* чейин) калдык тоолордон (Букан-Тоо, Тамды-Тоо, Кулжук-Тоо, Султануиздаг ж. б.) турат. Кен байлыктары: алтын (Мурын-Тоо), газ (Газли). Түзөн бөлүктөрү чоподон ж-а кумдан турат, такыр жерлер көп. Аймагынын көп бөлүгүн кум массивдери (жалчалар) ээлейт. Климаты кескин континенттик. Январдын орт. темп-расы – 9°Сден 0°Сге чейин, июлдуку 26–29°С. Жылдык жаан-чачыны 200 *мм*. Агын суулары жок, бирок кыртыш сууларынын запасы мол. Топурагы бозомук-күрөң, кумдуу, шор жерлер да кездешет. Чөп өсүмдүктөрүнөн эфемер м-н эфемероиддер басымдуу. Кум жалчаларында кум ыраңы, ак сөксөөл, кандым, черкез, таштуу дөңсөөлөрдө шыбак ж-а шыбак-бадал өсүмдүктөрү өсөт. Жайытка пайдаланылат. К.-К-да Кара-Көл, Кызыл-Кум, Бадай-Тугай, Варданзи коруктары бар.

КЫЗЫЛ-КҮНГӨЙ ГРАНИ́Т-ДИОРИ́Т КЕНИ Ош обл-нун Ноокат р-нунда, Эски-Ноокат кыш-нан 4 *км* түн. тарапта, Араван суусунун сол жээгинде. 1973–75-ж. изилденген. Мында гранит-диорит массиви кеңдик багытта шток түрүндө узатасынан созулуп жатат. Анын уз. 2,4 *км*, туурасы 1,2 *км*, аянты 2,9 *км*². Гранит-диорит түсү б-ча ачык жашыл, ачык күрөң болуп 2 түргө бөлүнөт. Орто ж-а ири кристаллдуу, массивдүү, өтө кооз, жакшы сайкалданат, ачык жашыл жана күрөң түстүү жалтырак бетти пайда кылат. Суукка чыдамдуу, жүк көтөрүмдүүлүгү жогору. Блокторго жакшы ажырайт; 1 *м*³ блоктон 17–18 такта алууга болот. Запасы мол.

КЫЗЫЛ-КҮНГӨЙ МӨҢГҮЛӨРҮ Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталынан агып түшкөн Кызыл-Күнгөй суусунун алабындагы эки мөңгү (Чыгыш ж-а Батыш К.-К. м.). Ч ы г ы ш ы – каптал тибиндеги мөңгү. Уз. 5,0 *км*, аянты 6,2 *км*², көлөмү 0,1 *км*³; башы дениз деңг. 5200 *м*, этеги 3820 *м* бийикте жатат; кар чегинин бийикт. 4400 *м*, абляциясынын аянты 2,1 *км*². Б а т ы ш ы – өрөөн тибиндеги мөңгү; уз. 3,7 *км*, аянты 4,2 *км*², көлөмү 0,1 *км*³. Башы дениз деңг. 5120 *м*, этеги 3740 *м* бийикте жатат, кар чегинин бийикт. 4500 *м*, абляциясынын аянты 2,3 *км*². Мөңгүлөрдөн Кызыл-Суунун сол куймасы – Кызыл-Күнгөй суусу башталат.

КЫЗЫЛ-КЫРГЫЗСТАН (мурдагы Д о г д ү р) – Жалал-Абад обл-ндагы кыштак. Жалал-Абад ш-нын курамына кирген Т. Тайгараев атн. айыл округуна караштуу. Жалал-Абад ш-нан ж-а т. ж. бекетинен 10 *км* чыгыш тарапта. Калкы 850 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана бар.

«КЫЗЫЛ КЫРГЫЗ ТАРЫХЫ» – кыргыз тарыхчысы ж-а адабиятчысы Б. *Солтоноевдин* 2 китептен турган эмгеги. Араб графикасы м-н жазылган. 1895-ж. жаза баштап, 1934-ж. аяктаган. Китеп жазууда автор В. *Бартольд*, В. *Радлов*, Н. *Бичурин* (Иакинф), Н. *Аристов*, *Абу-л-Гази* хан, К. Халид ж. б. белгилүү окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн ж-а Туманскийдин кол жазмасы (к. *Худуд ал-алам мин ал-Машрик ила-л-Магриб)* ж. б. эмгектерди колдонгон. 1-китебинде кыргыздардын жашоо турмушу, адат-салты, дини, *хунндар, динлиндер, усундар, түрктөр, карлуктар, кара кытайлар* ж. б. *уруулар*,



Караханиддердин тарыхтагы орду, кыргыздын эл болушу, 14–16-к-дагы кыргыздар, *Тагай бийдин* тарыхы, оң-сол канаттын таралышы, кыргыздардын ичиндеги кээ бир уруулар (*черик, коңурат, моңолдор, асык* ж. б.), *Манап бийдин* тарыхы, *Енисей кыргыздары*, Кытай кыргыздары, Жаңыл мырза, *Эсенкул* ж. б. кыргыз баатырлары ж-дө, калмак чабуулу, Анжиянга сүрүлгөн кыргыздардын өз жерине келип орношу, кыргыз-казак ж-а кыргыз урууларынын ич ара мамилелери, Кокон хандыгынын тушундагы кыргыз тарыхы, Ормон хандын убагындагы окуялар ж. б. камтылган. 2-китебинде 1847-жылдардагы *Кенесары* хандын кыргыздарга жасаган чабуулу, сарыбагыш м-н бугулардын чабышы, кыргыздардын Россияга карашы, 1916-жылдагы көтөрүлүш, кыргыз адабияты, «Манас» эпосу, айрым манасчылар тууралуу кыскача маалыматтарды билдирет. «К. К. т.» – кыргыз тарыхын кеңири камтыган, кыргыз автору тарабынан жазылган, кыргыз тилиндеги алгачкы эмгек. Анда 1-жолу кыргыздарга тиешелүү маалыматтарга ил. жол м-н анализ жасалып, жыйынтык чыгарылган. «К. К. т.» 1993-ж. 1-жолу басмадан жарык көрүп, 200[illegible]-ж. кайрадан толукталып, «Кыргыз тарыхы» деген аталышта 1 китеп болуп басылып чыкты.

КЫЗЫЛ-КЫРМАН – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Баш-Дөбө айыл округуна караштуу. Жазы суусунун сол жээгинде, дениз деңг. 940 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 8 *км* батыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 62 *км*. 1948-ж. негизделген. Калкы 1630 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП, мончо бар. Тамактануучу жай, жыгач иштетүүчү цех, пахта тазалоочу пункт иштейт.

КЫЗЫЛ-КЫШТАК – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Кызыл-Кыштак айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 860 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 25 *км* түн.-батыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 5 *км*. Калкы 10830 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында ж-а соода тармагында эмгектенет. Эки орто мектеп, 2 китепкана, мад-т үйү, мечит, тегирмен, оорукана, амбулатория, дарыкана ж. б. бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, кичи ишканалар (тигүү, автомобиль оңдоочу ж. б.), май ж-а ак жуаздар, бир нече соода ж-а тамактануу жайлары, базарчалар иштейт.

КЫЗЫЛ-КЫЯ – Баткен обл-ндагы шаар (1938-жылдан). Кадамжай р-нунун аймагында, Кичи Алай кырка тоосунун түн. этегинде, дениз деңг. 918 *м* бийикте жайгашкан. К.-К. 1898-ж. негизделген. Калкы 44,2 миң (2009; шаардык кеңешке баш ийген айыл калкы 12,4 миң); негизинен кыргыздар (57,7%), өзбектер (17,3), орустар (9,7), тажиктер (6,1), татарлар (3,9), түрктөр (1,4), о. эле башка улут өкүлдөрү да жашайт.

К.-К. – облустун ири ө. ж. борбору (облустун ө. ж. продукциясынын 25,3% ин берет). Ө. ж-нын негизин отун, тамак-аш, курулуш материалдары түзөт. Көмүр өндүрүүчү ири ишканасы «Кызыл-Кыя көмүр» АК (900 миң тга чейин көмүр өндүрүүгө мүмкүнчүлүгү бар; көмүрдү ачык түрдө казып алуучу Абшыр ж-а Валакыш шахталарын ичине камтыйт) эсептелет. Ун-акшак ж-а аралаш тоют ө. ж. да өнүккөн. Тамак-аш ж-а жеңил ө. ж-нын ири ишканалары: «Кызыл-Кыя тамекиси», «Абшыр-Ата» (эт комбинаты), «Кызыл-Кыя сүт азык», «Кызыл-Кыя азыктары» АК, «Кен ЛТД» ЖЧК (консерва з-ду), «Динамо» (кийим тигүү ф-касы) ж. б. Машина куруу ж-а курулуш материалдары ө. ж. тармактарында «Кызыл-Кыя машина куруу заводу» мамл. АК, Борб. электр-мех. өнөрканалары, «Нур» (курулуш материалдарын өндүрүүчү), «Темирбетон» АК иштейт.

Шаар Баткен обл-нун ири жолдор тоому. Негизинен автомобиль ж-а т. ж. транспорту өнүккөн. Т. ж-нун уз. 42 *км* (Өзбекстандын Фергана бекетине чейин). Шаарда жалпы билим берүүчү 14 мектеп, китепканалар, 4 [illegible], тарых музейи, 2 кинотеатр, мад-т үйү бар. Шаардык участкалык ооруканалар, [illegible], учук ж-а тери-венерол. диспансерлер, [illegible] поликлиникасы, 4 ФАП, 12 үй-бүлөлүк [illegible], медицина-санит. мекемеси ж. б. иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман [illegible] эстелик тургузулган. Эски кен [illegible] аймагында Кызыл-Кыя шаар чалдыкары [illegible] калдыктары сакталган.

КЫЗЫЛ-КЫЯ – Жалал-Абад обл-нун Ноокен р-нундагы кыштак. Бүргөндү айыл округуна караштуу. Майлуу-Суу суусунун өйүз-бүйүзүндө, дениз деңг. 750 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Масы кыш-нан 40 *км* түн.-батыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 90 *км*. Кыштак 1936-ж. негизделген. Калкы 1042 (2010); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар. Кыштактын чегинде Майлуу-Суу [illegible] курулган. Андан Бүргөндү ж-а Момбетов айыл өкмөттөрү суу алат.

КЫЗЫЛ-КЫЯ (Ч а ң О р т о к, Т о о-К е н) – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нундагы кыштак. Кыз-Көл айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1430 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 67 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 60 *км*. Калкы 1007 (2009); негизинен мал багат. Негизги мектеп, китепкана бар.

КЫЗЫЛ-КЫЯ ГЛИЕ́Ж КЕНИ Баткен обл-нун Кадамжай р-нунда, Кызыл-Кыя ш-ныи түш.-чыгыш четинде. 1930-ж. ачылган. Юра мезгилинде пайда болгон көмүрлүү катмардан турат. Глиеж кабаттары көмүр катмарынын үстүндө линза сымал тилкеленип жатат. Калыңдыгы 3–4 *м*, уз. 600–1500 *м*. Глиеж ачык ж-а кочкул кызыл, саргыч кызгылт, кызгылт көк түстө. Арасында кумдук, алевролит, конгломерат кездешет.

КЫЗЫЛ-КЫЯ ЖУМУШЧУ ДЕПУТАТТАР СОВЕТИ – Кырг-ндын аймагында биринчи болуп ишке киришкен депутаттар кеңеши. 1917-жылдагы Февраль бурж.-демокр. рев-ясынын (к. *Февраль буржуазиялык-демократиялык революциясы, 1917*) таасири м-н 1917-ж. 6-мартта Кызыл-Кыя көмүр кенинде түзүлгөн. 26-апрелде анын төрагалыгына большевик И. И. *Едрёнкин* шайланган. Совет негизинен жумушчулардын мүдөөсүн жактап, 8 сааттык жумуш күнүн киргизүү, профсоюз уюмун түзүү, жумушчу милициясын уюштурууда чоң иштерди аткарган. Октябрь рев-ясынан кийин бийликти өз колуна алууда ж-а аны чыноодо жигердүү күрөш жүргүзүшкөн.

Ад.: *Зима А. Г.* Советы в Киргизии в 1917 г. Ф., 1962; История Киргизской ССР с древнейших времен до наших дней. В 5-и томах. Ф., 1986; *Джуманалиев А.* Политическая история Кыргызстана (Становление политической системы Кыргызского общества). Б., 2005.

«КЫЗЫЛ-КЫЯ КӨМҮР» – акционердик коом (1996). 1891-ж. Кызыл-Кыяда алгачкы шахталар пайда болгон. Аларда 800гө жакын жумушчу иштеген. Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки алгачкы беш жылдыктардын ичинде Кырг-ндын шахталары жайгашкан райондор таанылгыстай өзгөргөн. Майда шахталардын ордуна жаңы техникалар м-н жабдылган кубаттуу мамл. ишканалар салынган. Алгачкы миллион *т* көмүр 1972-ж. казылып алынган. 1973–85-ж. жыл сайын миллиондон ашык *т* көмүр казылып алынып турган. Респ-да эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында КР Өкмөтүнүн токтомуна ылайык шахта башкармалыктары менчиктештирүүнүн PESAC программасына кирген. Бул программага ылайык 1995-ж. «Кызыл-Кыя» шахта башкармалыгы кирешесиз ишкана катары жоюлуп, анын базасында «Кызыл-Кыя көмүр» МАК, 1996-ж. «Кызыл-Кыя көмүр» АК түзүлгөн. Коомдун негизги продукциясына көмүр, гипс ташы, глиеж, гумин, гипс күкүмү, каолин чопосу кирет.

КЫЗЫЛ-КЫЯ КӨМҮР КЕНИ Ош обл-нун Ноокат, Баткен обл-нун Кадамжай р-ндорунун чек арасында, Кызыл-Кыя ш-нын түш.-чыгыш четинде, Кичи Алай тоосунун түн. этегинде. Кен 1898-ж. казыла баштаган. Аймагында палеозой, мезозой, кайнозой чөкмө тек катмарлары жатат. Көмүр юра мезгилинде пайда болгон кумдук, гравелит, алевролит, чопо тектеринин арасында кездешет. Катмарлары ар кайсы жерде ар кандай санда. Ленин Комсомолу атн. ж. б. иштетилген шахта талааларында татаал түзүлүштөгү «Негизги» деп аталган бир кабат, Кызыл-Кыя – Восточный участкасында 14 кабат, Караван участкасында 13 кабат белгилүү. Кабаттардын калыңдыгы бир нече *см*ден 13,13 *м*ге чейин өзгөрөт. Көмүр сапаты б-ча 3Б маркасына таандык, орт. күлдүүлүгү 16,5%тен 18,0%ке чейин, орт. күйүү жылуулугу 6650–6943 *ккал/кг*ды түзөт. Консервацияланган Ленин Комсомолу атн. шахта талаасындагы көмүрдүн 21917 мин *т* запасы 1997-ж-га карата балансtан алынып ташталган. Кызыл-Кыя – Восточный участкасынын запасы 88,2 млн *т*.

«КЫЗЫЛ-КЫЯ ТЕМИР-БЕТОН» – ачык акционердик коом (1993). 1957-ж. Шахта курулуш башкармалыгынын курамында түзүлгөн. 1963-ж. айрым участкаларды бириктирүү аркылуу түзүлүп, Өнөр жай ишканаларынын Кызыл-Кыя комбинаты деп аталып калган. Коом курулуш уюмдары үчүн продукция чыгарат.

КЫЗЫЛ-КЫЯ ЧОПО КЕНИ, Э ш м е - Б у л а к к е н и Баткен обл-нун Кадамжай р-нунда, Кызыл-Кыя ш-нан 23 *км* түш.-чыгыш тарапта, Караван өрөөнүндө. 1924-ж. табылган. Кен аймагында юра мезгилинде пайда болгон көмүр катмарлары, кумдук, конгломерат, чопо жатат. Карапалык чопо катмарынын калыңдыгы 0,7–9,6 *м*, уз. 1,8 *км*ге жетет. Чопонун өңү сарыч келип, чоюлгуч, жогорку сапаттагы карапа-каасоого жарамдуу. Чопонун көлөмдүк салмагы – 0,72 *г/см*^{3}. Суу сиңиримдүүлүгү 11,42–16,93%. Запасы C_1 категориясы б-ча 256 мин *т*. Кен 1924-жылдан казылып, чоподон Кызыл-Кыя кыш з-ду отко чыдамдуу кыш даярдайт.

КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААР КАЛДЫГЫ – 9–12-к-га таандык кен казуучулар турган журт. Кызыл-Кыя ш-нын аймагында жайгашкан. Анын төрт дубалын бойлото турак жайлар, ички бөлүгүндө короо болгон. Чопо идиштер, жаргылчактар ж-а жаныбарлардын сөөгү табылган. 1974-ж. археолог Ю. А. *Заднепровский* изилдеген.

КЫЗЫЛ-МЕХНАТ – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Нариман айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 870 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 22 *км* түш.-батыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 14 *км*. Калкы 3038 (2009); негизинен дыйканчылыкта эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб бар.

КЫЗЫЛ МЫЯ (Glycyrrhiza) – өсүмдүктөрдүн чанактуулар тукумундагы уруусу. Сойломо жоон тамыр-сабактуу, жабышкак жалбырактуу, көп жылдык чөп. Бийикт. 10–150 *см*, гүлү демейде күлгүн сары. Сары аары ж-а узун тумшук аары аркылуу чаңдашат. 15 түрү Евразия, Америка ж-а Түн. Африкада кезигет. 100 *кг* чөптө 41,2



тоют бирдиги бар, тоют катары пайдаланылат. Тамырынан дары жасалат, тамак-ашка колдонулат, ширеси м-н жүн боёлот. К. м. – эгиндин отоо чөбү.

КЫЗЫЛ-ОЙ – Чүй обл-нун Жайыл р-нундагы кыштак. Суусамыр айыл округуна караштуу. Кокомерен суусунун оң өйүзүндө, деңиз деңг. 1800 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Балта ш-нан 160 *км* ж-а т. ж. бекетинен 145 *км*. Кыштак 1927-ж. негизделген. Калкы 950 (2010); негизинен мал асырап, тоют даярдашат. Орто мектеп, китепкана, клуб, мад-т үйү ж-а ФАП бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, маалымат борбору, бир нече соода жайлары иштейт. Кыштакта болуш Түркмөн Сарыпбек уулуна эстелик тургузулган.

КЫЗЫЛ-ОКТЯ́БРЬ – Жалал-Абад обл-нун Базар-Коргон р-нундагы кыштак. Женеш айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 850 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кышнан 10 *км* түн. тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 42 *км*. Кыштак 1900-ж. негизделген. Калкы 2587 (2009); негизинен мал-жа-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, мечит бар. Соода жайлары, мончо иштейт.

КЫЗЫЛ-ОКТЯ́БРЬ – Ош обл-нун Өзгөн р-ндагы кыштак. Кызыл-Октябрь айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 920 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 23 *км* түш.-батыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 30 *км*. Калкы 3038 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенип, о. эле мал багат. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар. Соода үйүндөрү, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, тамактануучу жайлар иштейт. Кыштакта Сов. Союз. Баатыры М. *Тешебаев* туулган.

КЫЗЫЛ-ОКТЯ́БРЬ – Талас обл-нун Бакай-Ата р-ндагы кыштак. К. Акиев ат. айыл округуна караштуу. Райондун борбору Бакай-Ата кыш-нан 12 *км* түш.-чыгыш тарапта. Жамбыл т. ж. бекетинен (Казакстан) 30 *км*. Кыштак 1936-ж. негизделген. Калкы 3365 (2009); негизинен мал багат, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, мончо, дарыканалар бар. Эки тегирмен, май сыгуучу цех, үй-бүлөлүк врачтар тобу, соода үйүндөрү иштейт.

КЫЗЫЛ-ОКТЯ́БРЬ (мурдагы А т а б а е в) – Чүй обл-нун Кемин р-ндагы кыштак. Кызыл-Октябрь айыл округуна караштуу. Пишпек – Рытбачье т. ж-нун боюнда, деңиз деңг. 1300 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кемин шаарчасынан 3 *км* түш.-чыгыш тарапта. Кыштак 1933-ж. негизделген. Калкы 1212 (2009); негизинен мал багат. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, ФАП бар. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры А. *Сармшаев* туулган.

КЫЗЫЛ-ОМПОЛ – *Ички Теңир-Тоодогу* тоо, Кыргыз Ала-Тоосунун чыгыш уландысы, Ысык-Көл ойдунунун батышында. Уз. 20 *км*, туурасы 13 *км*. Деңиз деңг. орт. бийикт. 2900 *м*, эң бийик жери 3183 *м*. Негизинен палеозой заманынын аягында пайда болгон интрузия тоо тектеринен (сиенит, гранит-сиенит, гранит ж. б.) турат. Жер бети денудациялык байыркы процесстер м-н бир кыйла түзөңдөлгөн. Капталдарынын тиктиги 25–38°ка жетип, терең эмес кургак коолор м-н тилмеленген. Түн. ж-а чыгыш бетинде ири шагыл конустары бар. Бөкөнбаев улам жапыздап, Көк-Мойноктун белине өтөт, чыгышы Ысык-Көл ойдунуна карай созулуп жатет. Неотектон. тиби б-ча – брахиантиклиналь. Мөңгү жок. Ландшафтына кургак талаа, кээ жерлери жарым чөл (түш.) ж-а талаа (батыш) кирет. Сейрек кездешүүчү металлдар ж-а материал кендери (*Кызыл-Омпол кени, Кызыл-Омпол уран кендер тобу*).

КЫЗЫЛ-ОМПОЛ НОРДМАРКИТ Кол обл-нун Тон р-нунда, Көк-Мойнок 26 *км* түш.-батыш тарапта, Кызылсунда. 1966-жылдан белгилүү. Кен таш көмүр, пермь мезгилдеринде кызыл-омпол сиенит массиви жанындагы кит массивдин бир фазасында пайда болгон. Өзү бозомук, көгүлтүр, кызгылт боз түстүү, майда-ирилиги, биотит, роговая обманка ж. б. минералдардан турат. Бул минералдардын ичинен өзүнчө кристаллдары башкаларге караганда эсе чоңдук кылып, порфирдик структура сыяктанган негизги түзүлүш пайда кылат. Уз. 25 *см*, туурасы 5–10 *см*. Кристаллгандан кийин кубулуу процесстери өтүп, Нордмаркит Кызыл-Омпол массивинин негизги болүгүн түзүп, 2 км² жерге жеткен аймакты ээлейт. Кычкылтектердын ички, тышкы дубалын, көлөкөлөп көптөгөн жарамдуу.

КЫЗЫЛ-ОМПОЛ УРАН КЕНДЕР ТОБУ Ысык-Көл обл-нун Тон р-нунда, Кызыл-Омпол тоосунун түн. капталында, деңиз деңг. 2640–3000 *м* бийикте. 1950–57-ж. изилденген. Аймак пермдин гранит, сиенит, граносиенит интрузиялары, кээде порфирит, сиенит-порфир, порфирдик гранофир дайкалары жиреп өткөн протерозой, силурдук, девон, карбон катмарларынан турат. Кен граносиенит м-н дайкалардагы урандалган аймактардын гидротермдик өзгөрүүсү менен байланышкан. К.-О.

у. к. т-н Капчыгай, Кок-Мойнок, Ачык-Таш кендери, Суулуу-Сай, Узун-Сай кенчелери түзөт. Кен минералдык зона ж-а дайка тибине, гематит-настуран формациясына кирет. Негизги минералдары: настуран, уран коосу, пирит, отенит, уранофан, гиамит, шрекингерит, казалит, галенит, гематит ж. б. Урандын кенташтагы орт. өлчөмү 0,052%, запасы ж-а ресурсу 4150,548 миң *т*, уран 2166,51 *т*.

КЫЗЫЛ-ОРДО (мурда А к - М е ч и т, П е т р о в с к) – Казакстан Респ-ндагы шаар (1938-жылдан). Кызыл-Ордо обл-нун адм. борбору. Сыр-Дарыянын оң жээгинде жайгашкан. Калкы 186 миң (2009). Т. ж. тоому. Аэропорту бар. Мечиттер (Айтбай, Ак-Мечит), чиркөөлөр (а. и. Кудай Эне) ж. б. сакталган. Тамак-аш (балык, нан, сүт з-ддору, эт комбинаты), целлюлоза-картон, курулуш материалдар ө. ж. ишканалары, бут кийим, тигүү ж-а трикотаж, эмерек жасоочу ф-калары, о. эле бир нече АК иштейт. Кийинки жылдары шаардын арх-расы жаңырып, аквапарк, мейманканалар (төрт жылдыздуу отелдер) ж. б. салынды. К.-О-ну 1817-ж. Кокон хандыгы чеп катары негиздеген. 1925–29-ж. Казак Респ-нын борбору болгон. Шаарда 30дан ашык жалпы билим берүүчү мектеп, 5 коллеж, 3 кесиптик-тех. окуу жайы, ун-ттер (а. и. Кызыл-Ордо мамл.), «Сейхун» академиясы, китепканалар, архив, драма театры, филармония бар. Шаардын четинде нефть, газ кендери (Түш.-Тугай бассейни) казылып алынат.

Ад.: Кызыл-Ордо облусу//Казакстан улуттук энциклопедиясы, 6-т. Алматы, 2004;

КЫЗЫЛ-ОРДО ОБЛУСУ Казакстан Респ-нда. Облус 1938-ж. 15-январда уюшулган. Аянты 226,0 миң $км^2$ (Казакстандын жеринин 8,3% и). Калкы 607,1 миң (2004). Борбору – Кызыл-Ордо ш. Адм.-айм. жактан 7 районго, 3 шаарга бөлүнөт.

Облустун экол. абалы кийинки жылдары Арал деңизинин тартылышынан, Байконур космодромунун таасиринен уулуу заттар абага тарап, начарлоодо. К.-О. о. Сыр-Дарыянын төмөнкү агымында, Арал деңизинин чыгыш жагында, негизинен Туран ойдунунун чегинде (бийикт. 50–200 *м*) жайгашкан. Климаты кескин континенттик ж-а өтө кургак. Январдын орт. темп-расы 13°С, июлдуку 42–44°Сге чейин жетет. Кум 60–70°ка чейин ысыйт. Жылдык жаан-чачыны 100–115 *мм*. Облустун аймагында Арал деңизинин түн.-чыгыш бөлүгү жатат. Ири дарыясы – Сыр-Дарыя. Туздуу көлдөрү көп. Жеринин көп бөлүгүн кум ээлейт. Бир аз шыбак, бетеге, шор өсүмдүктөр, жазында эфемерлер; ойдунчаларында төө куйрук, буудайык, кум доболордо ак соксоол, жылгын, шыбак, Сыр-Дарыянын жайылмасында шалбаа өсүмдүктөрү, кээде токой ж-а бадалдар (тал, жийде), дельтасында ж-а суу жээктеринде калың камыш өсөт. Кен байлыктарынан аш тузу, сульфат, мирабилит, кварц куму, гипс, алебастр, акиташ теги казылып алынат. О. эле күрөң көмүрдүн, түстүү металлдардын, нефть ж-а газ кендеринин запасы бар.

Тамак-аш (балык, күрүч актоочу, пиво кайнатуу, арак з-ддору, эт, сүт, нан комбинаттары, тегирмендер) ө. ж-нын башкы тармагы. «Кызылордокүрүчмаш» АК, курулуш материалдар ж-а курулуш, Арал туз комбинаттары, бут кийим, токулбаган кездемелер ф-касы бар. А. ч-га жарактуу жери 10 млн *га*, а. и. 8 млн *га*сына дан эгиндери айдалат. Сугат жери 215,0 миң *га*. Облус Казакстанда жыйналган күрүчтүн 80% ин берет. Мал чарбасында негизинен каракол коюн багуу өнүккөн. Облустун чарбачылыгына, калктын жашоо тиричилигине Арал апааты өзүнүн терс таасирин тийгизүүдө. Ун-ттер, ин-т, драма театры, филармония ж. б. бар.

Ад.: Кызыл-Ордо облусу // Казакстан улуттук энциклопедиясы. 6-т. Алматы, 2004.

КЫЗЫЛ-ӨЗГӨРҮШ – Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нундагы кыштак. Кызыл-Өзгөрүш айыл округунун борбору. Конур-Өгүз суусунун оң өйүзүндө, Кара-Кыр, Туулук, Конур-Өгүз тоолорунун этегинде, деңиз деңг. 1720 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Токтогул шаарчасынан 85 *км* түш.-чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 147 *км*. Кыштак 1926-ж. негизделген. Калкы 1965 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенип, мал багат. Орто мектеп, китепкана, клуб, мечит бар. Оорукана, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, дарыкана, соода түйүндөрү иштейт.

КЫЗЫЛ ӨҢГӨЧ – тамак сиңирүү системасынын карын м-н кулкунду бириктирүүчү узун ичке түтүк сымал бөлүгү. Уз. 23–25 *см*. К. ө-түн капталы үч катмардан турат. Ички былжырлуу катмары бөлүп чыгарган суюктуктун жардамы м-н жутулган тамак жылмышып, карынга түшөт. Ортонкусу былжыр челдин алдындагы катмар. Сырткы катмары кызыл өңгөчтүн диаметрин тамак өткөндө өзгөртүп (кеңейтип, тарытып) туруучу булчуңдардан турат. Бул булчуңдардын перистальтика кыймылынын натыйжасында тамак карынга жылат. Булчуңдардын ырааттуу жыйрылышы (перистальтика) бардык тамак сиңирүү системасынын бөлүктөрүнө мүнөздүү. К. ө-түн тамак турган жерден өйдөрөөктөгү тегерек булчуң жыйрылып, андан төмөн жагындагы булчуңу бошондоп, тамак төмөнкү кеңейген бөлүгүнө жылат. Мындай ырааттуу кыймылдын натыйжасында тамак 5–6 секундда карынга жетет.

КЫЗЫЛ ӨРҮК, а б р и к о с (Armeniaca) – роза гүлдүүлөр тукумундагы момо дарак ж-а бадал уруусу. Дарагынын бийикт. 15 *м*дей, жалбырагы жазы, учтуу, гүлү ак, кызгылт, жалбырагынан мурда ачылат. Момосу – данектүү, сүйрү, ирдүү, сулпу жумшак, ширелүү ж-а даамдуу. Азияда 10 (КМШ өлкөлөрүндө 6) түрү бар. К а-

д и м к и К. ө-ко (A. vulgaris) өстүрмө К. ө. сортторунун баары кирет. М а н ж у р К. ө-үнүн (A. manshurica) момосу ширелүү, бирок анча таттуу эмес; С и б и р ь К. ө-ү (A. sibirica) м-н Д а в и д К. ө-нүн (A. davidiana) момосунун сулпу кургак келип, желбейт. Кумдак, таштак, чополуу жерде жакшы өсөт. Дарагы кыйыштыргандан 3–4 жылдан кийин мөмөлөйт. Момосүндө 4–20% түрдүү кант, алма ж-а лимон к-талары, 0,38–1,27% пектин заты, каротин; данегинде 29–58% май ж-а А, С витаминдери болот. Момосу желет, о. эле кургатылып как, кургак өрүк даярдалат, компот, шире, кыям кайнатылат. Дарагы шабдалыны кыйыштырууда (кыюу асты катары) пайдаланылат. Гектарынан 8–12 *т* түшүм алынат. Кырг-нда райондоштурулган К. ө-түн негизги сорттору: Ош обл-нда – Арзами, Советский, Супхани, Исфарак; Чүй ж-а Ысык-Көл өрөөндөрүндө – Никитский, Королевский, Кызыл бойрок ж. б. Илдеттери: клястероспориоз, вертицеллёз, цитоспороз. Зыянкечтери: чиечи, орүкчү шиш тумшуктар, ак ж-а сары конуз.

КЫЗЫЛ-САЙ – Талас обл-нун Бакай-Ата р-нундагы кыштак. Ак-Добо айыл округуна караштуу. Талас – Жамбыл автомобиль жолунун ж-а Үрмарал суусунун боюнда, деңиз деңг.1620 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Бакай-Ата кыш-нан 6 *км* түн. тарапта. Жамбыл т. ж. бекетинен (Казакстан) 70 *км*. Кыштак 1920-ж. негизделген. Калкы 1324 (2009); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, мончо, ФАП бар.

КЫЗЫЛ-САЙ КӨРҮСТӨНҮ – көлө дооруна (6–8-к.) таандык археол. эстелик. Талас ш-нан 10 *км* түштүктө жайгашкан. 36дай мүрзөдөн турат. Алардын четине тегерете чарчы түрүндө таш тизилген; айрымдарына топурак эле үйүлгөн. Казуу мезгилинде (1960) аты-жөнү кошо коюлган маркумдун соогу табылган.

КЫЗЫЛ-САЙ ЧОПО КЕНИ Баткен обл-нун Лейлек р-нунда, Сүлүктү ш-нан 5 *км* түндүктө, Коргон кыш-нан 2 *км* түн.-чыгышта, Түркстан кырка тоосунун түн. этегинде, деңиз деңг. 950–1200 *м* бийикте. 1967-ж. геол. чалгындалып, запасы эсептелген. Кен аймагын антропоген мезгилиндеги чокмо тектер түзөт. Кумайлуу чопо золдук чөгүндүдөн пайда болгон. Уз. 1–2 *км*, калыңдыгы 2–20 *м*. Өңү боз, майда көбөктүү. Гранулометриялык курамы: бүртүкчөлөрү 0,001 *мм*ден төмөнкүсү – 29,5%, чаң – 0,25–0,01 *мм* – 61,5%, кошундулар 0,5 *мм* – 0,99%. Суу сыймд. 24,4%, нымдалгандагы ийкемдүүлүгү жогору. Хим.-технол. касиети б-ча кумайлуу чоподон «125» маркасындагы кыш жасоого болот. Запасы C_1 категориясы б-ча 4237 миң $м^3$, 1996-жылга калган запасы C_1 – 900 миң $м^3$. Кумайлуу чопо кени ачык казылып алынууда.

КЫЗЫЛ-САРАЙ – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Жоош айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 930 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кара-Суу ш-нан 12 *км* түн.-чыгыш тарапта. Калкы 1178 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана ж-а медпункт бар.

КЫЗЫЛ-СЕҢИР – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нундагы кыштак. Кызыл-Туу айыл округуна караштуу. Райондун борбору Сузак кыш-нан 18 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 15 *км*. Кыштак 1790-ж. негизделген. Калкы 2835 (2009); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП, мечит, мончо, стадион ж. б. бар.

КЫЗЫЛ-СЕҢИР, Ж а ң ы - Ч е к – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Кызыл-Октябрь айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 995 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 23 *км* батыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 28 *км*. Калкы 4037 (2009); негизинен кой багат ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар. Турмуш-тиричилик кызматынын болүмдөрү ж-а соода кылуучу жайлар иштейт. Улуу Ата Мекендик Согушта жоокер болгондорго эстелик тургузулган.

КЫЗЫЛ-СУУ – Кемин р-нундагы суу. Чүй өрөөнүнүн сол куймасы. Уз. 36 *км*, алабынын аянты 171 $км^2$. Алабынын деңиз деңг. орт. бийикт. 2500 *м*. Төрт чоң куймасы бар. Кыргыз Ала-Тоосунун түн. капталындагы мөңгүлөрдөн башталат да, кууш капчыгай аркылуу агып, Чүй өрөөнүнө чыгат. Жылдык орт. чыгымы 1,46 $м^3$/сек, эң көбү июнь–июлда, эң азы февралда байкалат. Сугатка пайдаланылат. Боюнан Кызыл-Суу кыш. орун алган.

КЫЗЫЛ-СУУ – Жалал-Абад обл-нун Базар-Коргон р-нундагы кыштак. Могол айыл округуна караштуу. Ачы токой чарбасынын аймагында, Арстанбап суусунун боюнда, деңиз деңг. 1200 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кыш-нан 41 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 73 *км*. Кыштак 1914-ж. негизделген. Калкы 1669 (2001); негизинен токойчулукта ж-а мал чарбасында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, ФАП бар.

КЫЗЫЛ-СУУ – Жалал-Абад обл-нундагы кыштак. Жалал-Абад ш-на караштуу Т. Тайгараев атн. айыл округунун курамына кирет. Кызыл-Суу суусунун боюнда, деңиз деңг. 1740 *м* бийикте жайгашкан. Облустун борбору Жалал-Абад ш-нан ж-а т. ж. бекетинен 30 *км* чыгыш тарапта. Калкы 691 (2009); негизинен мал (жылкы, топоз) чарбасында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, ФАП бар.

КЫЗЫЛ-СУУ, Ж а ң ы Ж о л а й - С у у – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Отуз-Адыр айыл округуна караштуу. Гүлчө суусунун боюнда, деңиз деңг. 1200 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 64 *км* түш.-чы-

гыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 56 *км*. Калкы 1369 (2009); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, бала бакча, клуб, оорукана, мечит бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, тамактануу жайлары, соода бөлүмдөрү иштейт.

КЫЗЫЛ-СУУ – Чүй обл-нун Кемин р-нундагы кыштак. Алмалы айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1300 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кемин шаарчасынан 25 *км* түш.-батыш тарапта. Кыштак 1919-ж. негизделген. Калкы 1430 (2009); негизинен мал багат. Орто мектеп, китепкана, клуб, бала бакча бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү, мончо иштейт. Кыштакта белгилүү комузчу С. *Токтакунова* туулган.

КЫЗЫЛ-СУУ (мурда С и л и в к и н о, 1993-ж. чейин П о к р о в к а) – Ысык-Көл обл-нун Жети-Өгүз р-нундагы кыштак. Райондун ж-а Кызыл-Суу айыл округунун борбору. Ысык-Көл өрөөнүнүн түш.-чыгышында, Тескей Ала-Тоонун этегинде, Чоң Кызыл-Суу суусунун боюнда, Балыкчы – Каракол автомобиль жолунун жээгинде, дениз деңг. 1760 *м* бийиктикте жайгашкан. Облустун борбору Каракол ш-нан 35 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 180 *км*. Калкы 12,2 миң (2009). Кыштакта 3 орто мектеп, китепканалар, бала бакча, оорукана, поликлиника, мад-т үйү, мечит бар. Кыш, нан ж-а сыр з-ддору, турмуш-тиричилик кызматы, соода түйүндөрү, тамактануу жайлары, үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, базар, автобекет ж. б. иштейт. Бул жерде КР УИАнын Теңир-Тоо физ.-география станциясынын кеңсеси орун алган. Кыштакта Сов. Союзунун Баатыры А. А. *Титов* туулган.

КЫЗЫЛ-СУУ КОЛТУГУ – Ысык-Көлдүн түш. жээгиндеги буйтка (булуңча). Жети-Өгүз р-нунун аймагында. Кууш кысык аркылуу Кара-Булуң м-н туташат. Жазылыгы 150 *м*, уз. 1300 *м*; аянты 1,5 *км*². Чыгыш жээги жапыз, саздак, түндүгү м-н батышы тик, камыштуу. Колтукка Чоң ж-а Кичи Кызыл-Суу суулары куят. Түбү күкүрттүү суутек жыттанган баткак м-н текши капталган. 4–5 *м* терендикке чейин балыр өсүмдүктөрү өсөт. Алар – сазан балыгынын негизги азыгы. К.-С. к. шамал ж-а толкундан ыктоо жайгашкандыктан, кеме токтоочу жай курулган. Батыш жак тектиринде учук оорусун дарылоочу санаторий бар.

КЫЗЫЛ-СУУ МӨҢГҮСҮ – Тескей Ала-Тоонун түш. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Сары-Жаз суусунун оң куймасы – Үч-Көлдүн башында жайгашкан. Уз. 5,4 *км*, аянты 5,1 *км*². Башы дениз деңг. 4590 *м*, этеги 3970 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4200 *м*. Колпаковский мөңгүсүнүн батышындагы тепши сымал өрөөндүн төрүндөгү денудациялык бетте жатат. Этегинин калыңдыгы 85 *м*. Мөңгүдөн башталган суу Үч-Көл суусунун жогорку агымы Сары-Чатка сол жактан куят.

КЫЗЫЛ-СУУ МӨҢГҮСҮ – Чоң Алай кырка тоосунун түн. капталындагы дендрит тибиндеги көп тармактуу мөңгү. Уз. 16,9 *км*, аянты 43,0 *км*². Кызыл-Суунун (чыгыш) башында жайгашкан. Мөңгүнүн башы дениз деңг. 6610 *м*, этеги 3780 *м* бийикте жатат. Кар чегинин бийикт. 4560 *м*, абляциясынын аянты 12,9 *км*². Фирн облусу төрлөрдө жатат. Этеги морена м-н текши капталган. Мөңгүдөн Кызыл-Суу (чыгыш) башталат.

КЫЗЫЛ-СУУ ЧОПО КЕНИ Чүй обл-нун Кемин р-нунда, Орловка шаарчасынан 25 *км* түштүктө, дениз деңг. 1880–2120 *м* бийикте. 1990-ж. Түн. Кыргыз геол. экспедициясы чалгындаган. Кендин калыңдыгы 40 *м*ден 85 *м*ге жетип, палеоген мезгилиндеги чопонун калың катмарынан түзүлгөн. Чопо кызыл түстө, илешчээк, эзилгич (1210–1240°С), жогорку дисперстүү, кум кошулмасы өтө аз (3% чейин), сууда эрүүчү туздар 0,01%ти түзөт, орт. ийкемдүүлүк саны – 12. Технол. сыноонун негизинде чопо «125», «175» маркасындагы кыш алууга жарамдуулугу аныкталган. Пластифицирлөөдө, бургулоо эриндисин боёк катары колдонсо болот. Баланстагы запасы А категориясы б-ча 332 миң *м*³, В – 515 миң *м*³, C_1 – 1555 миң *м*³.

КЫЗЫЛ-СУУ ШААР КАЛДЫГЫ – 7–12-к-га таандык археол. эстелик. Ысык-Ата р-нуна караштуу Шалтакбай айылынын чыгыш тарабында, Чүй д-нын сол жээгинде жайгашкан. А. Н. Бернштам бул шаар калдыгын археол. табылгалардын ж-а о. кылымдардагы жазма булактардын негизинде Сарыг ш-на, В. Д. Горячева Невакет ш-на салыштырышат. Бул эки шаар тең о. кылымдардагы араб-фарсы авторлорунун (Ат-Табари, ибн-Хордадбек, ибн-Кудама, ибн-Жафар, ал-Хорезминин) эмгектеринде кездешет. Шаар ж-а шахристан (ички шаар) да сыртынан бекемделген дубалдар м-н курчалган.

Кызыл-Суу шаар калдыгынан табылган мөөрлөр (Чүй өрөөнү).



Жалпы аянты 200 *га*, шахристандык маданий катмарынын калыңдыгы 4 *м*. Түш.-чыгыш тарабында цитадель жайгашкан. Дубалдар түрдүү боёк м-н сырдалып, оймо-чийме түшүрүлүп кооздолгон. Шаардын гүлдөгөн мезгили 10-к-га тиешелүү. Негизги калкы түрктөр, түргөштөр, карлуктар болгон. Шаар калкы алгач Батыш Түрк, кийин Түргөш, Карлук каганаттары ж-а Караханид мамлекетинин курамына кирген. Түрдүү формада жасалган карапа идиштер, айнек, темир, колодон жасалган кооздук буюмдар, согду, араб ж-а несториан жазуулары ж-а 3000ден ашык Караханид, Тухус ж-а Арсланид, Кытай, Согду, Түргөш тыйындары табылган. Согдулуктардын өлүк көмүүчү жайы (некрополь) ж-а 8 *м* будда кудайынын айкели, ибадатканасы (храм) (8–10-к.), үй курулуштары (10–11-к.), сарай (10–11-к.) шаар сыртындагы 3 сепил (8–10-к.), короо-жайлар изилденген. Түрк урууларына таандык, аты м-н кошо көмүлгөн жубайлардын көрүстөнү ачылган. Кыргыздардын уламышында бул шаар алтын төөлүү шаар деп айтылат. Бул эстеликти археологдор А. Н. *Бернштам* (1939–40), П. Н. Кожемяко (1953, 1961–63, 1971–72), В. Д. Горячева (1978–88, 1996–2000) ж-а А. И. Торгоевдер (2007-жылдан) изилдеген.

Ад.: *Кожемяко П. Н.* Раннесредневековые города и поселения Чуйской долины. Ф., 1959; *Горячева В. Д.* Город Золотого верблюда. Ф., 1988; Красная Речка и Бурана. Ф., 1989.

КЫЗЫЛ-ТЕЙИТ – Ош обл-нун Ноокат р-нундагы кыштак. Жаңы-Ноокат айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 1320 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ноокат ш-нан 5 *км* батыш тарапта. Кызыл-Кыя т. ж. бекетинен 50 *км*. Кыштак 1928-ж. негизделген. Калкы 2055 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар.

КЫЗЫЛ-ТОКОЙ – Жалал-Абад обл-нун Чаткал р-нундагы кыштак. Терек-Сай шаарча округуна караштуу. Дениз деңг. 1200 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кашыш-Кыя кыш-нан 115 *км* түш. тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 272 *км*. Калкы 1017 (2009); негизинен мал чарбасында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КЫЗЫЛ-ТОКОЙ ГЛАУКОНИТ КЕНИ Жалал-Абад обл-нун Ала-Бука р-нунда, Эчкилүү тоосунун түндүгүндө, Сумсар шаарчасынан 20 *км* түн. тарапта, дениз деңг. 1200 *м* бийикте. Олигоцен мезгилиндеги чополуу катмарлардан калыңдыгы 2,5–3 *м*ден 10 *м*ге жеткен жашыл, мала кызыл түстөгү глауконит түү кумдук кабаты табылган. Кабат участканын өзүндө 2,5 *км*ге, участкадан тышкары 15,5 *км*ге созулуп жатат. Өлчөмү 0,2–2,3 *мм* глауконит бүртүкчөлөрү кумдуктагы чополуу цементте 20–80%ти түзөт. Болжолдуу ресурсу 2 млн *т*.

КЫЗЫЛ-ТОО – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Кызыл-Тоо айыл округуна караштуу. Жазы суусунун оң өйүзүндө, дениз деңг. 1160 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 25 *км* чыгыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 75 *км*. Калкы 3269 (2009); негизинен дыйканчылыкта эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, амбулатория бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү иштейт.

КЫЗЫЛ-ТУУ, К о ж о - А т а – Жалал-Абад обл-нун Аксы р-нундагы кыштак. Кызыл-Туу айыл округунун борбору. «Аркыт» токой чарбасынын аймагында, Сары-Челек суусунун боюнда, дениз деңг. 1090 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кербен ш-нан 58 км түн.-чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 58 *км*. Кыштак 1932-ж. негизделген. Калкы 1913 (2009); негизинен эчки багат. Орто мектеп, кесиптик-тех. окуу жайы, бала бакча, мад-т үйү, 2 китепкана, ФАП бар. Кыштакта «Сары-Челек» туристтик базасынын кеңсеси орун алган. Гражд. согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

КЫЗЫЛ-ТУУ – Жалал-Абад обл-нун Ноокен р-нундагы кыштак. Масы айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 640 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Масы кыш-нан 5 *км* батыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен [illegible] *км*. Калкы 2404 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар. А. ч. кооперациясы, 4 дыйкан чарбасы, 2 тегирмен, мончо, соода түйүндөрү иштейт.

КЫЗЫЛ-ТУУ – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нундагы кыштак. Багыш айыл округуна караштуу. Дениз деңг. 950 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан [illegible] *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 17 *км*. Калкы 1234 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. ФАП, [illegible] жайгашкан кыштактарды тейлеген [illegible] бар.

КЫЗЫЛ-ТУУ (1870-ж. чейин [illegible] б е р д и, 1870–1950-ж. М ы р з а к а н, [illegible] азыркы атында) – Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нундагы кыштак. Жаңы-Кол айыл округуна караштуу. Бишкек – [illegible] жолунун боюнда, дениз деңг. [illegible] *м* бийикте, райондун борбору Токтогул [illegible] туташ жайгашкан. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 185 *км*. Калкы 3060 (2009); негизинен мал ж-а дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, лицей бар. Соода борбордору иштейт.

КЫЗЫЛ-ТУУ – Нарын обл-нун Ат-Башы р-нундагы кыштак. Кара-Коюн айыл округуна караштуу. Кара-Коюн суусунун сол өйүзүндө, дениз деңг. 2350 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Ат-Башы кыш-нан 37 *км* түш.-батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 245 *км*. Кыштак 1923-ж. негизделген. Калкы 1704 (2009); негизинен мал асырайт. Орто мектеп, китепкана, клуб, мончо, ФАП бар. Турмуш-тири-

чилик кызматынын болумдору, соода түйүндору иштейт.

КЫЗЫЛ-ТУУ – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Папан айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1400 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 82 *км* түш. тарапта. Ош т. ж. бекетинен 59 *км*. Калкы 1761 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КЫЗЫЛ-ТУУ – Талас облусунун Талас р-нундагы кыштак. Жерге-Тал айыл округуна караштуу. Талас ш-нын чыгышында, Талас суусунун боюнда, деңиз деңг. 1500 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Көк-Ой кыш-нан 15 *км* чыгыш тарапта. Жамбыл т. ж. бекетинен (Казакстан) 114 *км*. Кыштак 1934-ж. негизделген. Калкы 3035 (2009); негизинен мал м-н асырайт, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар. Асыл тукум мал асыроо чарбасы, турмуш-тиричилик кызматынын болумдору, соода түйүндору иштейт.

КЫЗЫЛ-ТУУ– Чүй обл-нун Сокулук р-нундагы кыштак. Кызыл-Туу айыл округунун борбору. Жыламыш суусунун боюнда, деңиз деңг. 830 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сокулук кыш-нан 17 *км* түш.-чыгыш тарапта. Шопоков т. ж. бекетинен 15 *км*. Кыштак 1930-ж. негизделген. Калкы 4049 (2009); негизинен багбанчылыкта эмгектенет, мал багат. Орто мектеп, оспүрүмдөрдүн спорт мектеби, ФАП, бала бакча, мад-т үйү, дүр-дүйнө дүкөнү ж. б. бар. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры Б. *Кулов* туулган.

КЫЗЫЛ-ТУУ, Ак-Терек – Ысык-Кол облнун Тоң р-нундагы кыштак. Ак-Терек айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 1800 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Бөкөнбаев кышнан 28 *км* батыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 60 *км*. Кыштак 1930-ж. негизделген. Калкы 1428 (2007); негизинен мал багат. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры К. *Мукашева* туулган.

КЫЗЫЛ-ТУУ ЧОПО КЕНИ Чүй обл-нун Сокулук р-нунда. Кызыл-Туу кыш-нан 0,5 *км* түштүкто, деңиз деңг. 970–1100 *м* бийиктикте, Жыламыш суусунун оң жээгинде жайгашкан. 1992-ж. чалгындалган. Кен аянты тортүнчүлүк мезгилинде пайда болгон кумайлуу чопо катмарынан түзүлгөн. «100», «125» маркадагы кыш алууга жарамдуу. Запасы В категориясы б-ча 314 миң $м^3$, C_1 –1296 миң $м^3$, В+C_1 –1610 миң $м^3$.

КЫЗЫЛ ТҮСТҮҮ ТӨКМӨЛӨР – негизинен чопо, алевролит, кумдук, конгломерат тектеринен турган кызгылтым күрөң түстөгү төкмө тектер. Арасында акиташ, гипс кабаттары жолугат. Өңү темир оксидине байланыштуу. Кызгылтым түс гипс м-н карбонат кургакчылыкта пайда болгонун билгизет. Кээде жашыл, көгүш, бозомук түрлөрү да кездешет. Буларды жер астындагы суулардын таасиринен келип чыккан деп болжолдошот. Карбонаттуу ж-а карбонатсыз болуп бөлүнөт. Карбонаттууда карбонат минералдары көптүк кылат. Карбонатсызда карбонаттар 10%тен ашпайт. Көбүнчө тоо этегиндеги аллювий түздүгүнөн, тоо арасындагы ойдундан, озондон, нуктан, кашаттан, дельтадан, көлдөн, лагунадан, деңиз жээктеринен, тоо капталдарынан орун алат. Пайда болушу бардык мезгилдерге туура келет. Кембрий, девон, пермь, триас, бор, палеоген, неоген мезгилдеринде кеңири тараган. Кырг-нда рифей (кызыл бел свитасы), девон (түлкү башы свитасы), карбон (дүңгүрөмө свитасы) мезгилдеринде кездешет. Палеоген-неоген катмарларында гипс, туз, жез, уран, ванадий, целестин, флюорит, темир, марганец, боксит, нефть кендеринин ири запастары жолугат.

Ад.: *Сочава А. В.* Красноцветы мела Средней Азии. М., 1968; *Анатольева А. Н.* Домезозойские красноцветные формации. Новосиб., 1972.

КЫЗЫЛ-УРААН – Жалал-Абад обл-нун Токтогул р-нундагы кыштак. Үч-Терек айыл округуна караштуу. Тартуулук суусунун боюнда, деңиз деңг. 1395 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Токтогул шаарчасынан 55 *км* түш.-чыгыш тарапта. Таш-Көмүр т. ж. бекетинен 150 *км*. Кыштак 1927-ж. негизделген. Калкы 2683 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Эки орто мектеп, китепкана, айылдык амбулатория, почта бөлүмү, мечит бар. Тегирмендер, соода түйүндору иштейт.

«КЫЗЫЛ УЧКУН» – 1927-ж. Кыргыз пед. техникумунда уюшулган адабий ийрим (кружок). Ага кыргыздын 1920-жылдары жаңыдан өсүп келаткан чыгармачыл интеллигенциясы, ад-т м-н иск-вого шыктуу жаштар (У. Абдукаимов, М. Абдукаримов, А. Айылчинов, Т. Байжиев, К. Баялинов, З. Бектенов, Ж. Боконбаев, М. Догдуров, К. Жантөшев, Т. Жолдошов, К. Жумашев, К. Ибраимов, А. Идирисов, С. Карачев, Ш. Көкөнов, К. Маликов, С. Нааматов, К. Рахматуллин, Т. Саманчин, С. Сасыкбаев, Р. Шүкүрбеков, М. Элебаев, К. Эшмамбетов ж. б.) топтолгон. Ийрим расмий болбосо да, бардык чыгармачыл уюмдардын милдетин аткарган. Ийрим кийин (1932) Кыргыз пед. ин-ту ачылганда да иштеген. Көптөгөн кыргыз акын-жазуучу, ад-тчы, педагог ж. б. кесип ээлери «К. у-дан» таалим алышкан.

КЫЗЫЛ-ҮҢКҮР, Кордон – Жалал-Абад облнун Базар-Коргон р-нундагы кыштак. Кызыл-Үңкүр айыл округунун борбору. «Кызыл-Үңкүр» токой чарбасынын аймагында, Кенкол суусунун сол өйүзүндө, деңиз деңг. 1260 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Базар-Коргон кышнан 64 *км* түн.-чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 97 *км*. Кыштак 1900-ж. пайда

болгон. Калкы 1308 (2009); негизинен токойчулукта, аарычылыкта, мал чарбасында эмгектенет. Жыгачтан буюм жасоочу цех, 2 тегирмен, мончо, соода борборлору, тамактануу жайлары иштейт. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү, клуб, бала бакча, оорукана, амбулатория, байланыш түйүнү ж. б. бар. Кыштакка жакын балдардын «Медик» эс алуучу жайы жайгашкан.

КЫЗЫЛ-ҮҢКҮР ӨРӨӨНҮ – Түш. Кырг-ндагы табигый кооз жер. Базар-Коргон р-нунун аймагында. Батышынан Бабаш-Ата, түндүгүнөн Исфан-Жайлоо ж-а Кенкол, чыгышынан Тогуз-Булак тоолору м-н чектешет. Уз. 32 *км*, туурасы 16 *км*. Арстанбапка жанаша жатып, Базар-Коргон кыш-нан 55 *км* аралыкта. Деңиз деңг. орт. бийикт. 2905 *м*, эң бийик жери 3754 *м* (Айлампа чокусу), эң жапыз жери 1000 *м*. Түрдүү түстөгү төкмө тоо тектерден (кумдук, акиташ теги ж. б.) турган кокту-колоттуу боксо тоолор 2100 *м*ге чейинки аймакты ээлейт. Бийиктеген сайын мезозой-кайнозойдун кызыл, күңүрт-кызыл ж-а боз түстөгү төкмөлөрү азайып, палеозойдун акиташ, кристаллдуу сланец тоо тектеринен турган аскалуу тоолор басымдуу. Климаты мелүүн континенттик, жаан-чачындын таралуу режими б-ча жер ортолук деңиздик климатка окшош. Январдын орт. темп-расы –4... –8°С, июлдуку 15–20°С. Жылдык жаан-чачыны 700–900 *мм*, андан бийигирээк жерлеринде 1200 *мм*ге чейин. Кышында кар калың түшөт.



Кызыл-Үңкүр өрөөнүндөгү момо-жемиш токою.

Өрөөндөгү суулардын башаттарында чакан мөңгүлөр (Ак-Коргон ж. б.) бар. Суулары (Кара-Үңкүр, Күробос, Күмүш, Шайдан ж. б.) Кара-Дарыянын алабына кирет. 1340 *м* бийикте жайгашкан Кенкол көлү (аянты 0,1 $км^2$) – Түш. Кырг-ндагы кооз көлдөрдүн бири. Кооз ландшафттын мындай жыш өскөн жаңгак-жемиш токою – неоген мезгилинде жалуу субтропиктик климаттык шартта өсүп, ынгайлуу орогр. ж-а климаттык шартка байланыштуу сакталып калган жазы жалбырактуу токой флорасынын өкүлү. Арстанбап, Кара-Алма, Сары-Челектеги токойлордон К.-Ү. ө. кооздугу м-н өзгөчөлөнүп турат. Бул жер жаңгак-жемиш токоюнун өтө жыштыгы ж-а кеңири аянтты ээлегендиги м-н айырмаланат. Анда жаңгактан башка алма, алмурут, бадам, өрүк, алча, карагат, айвансары, изирик, саскайың сыяктуу жапайы жемиш даректары ж-а долоно, шилби, ит мурун, аса-муса, тал сыяктуу даректар, бадалдар өсөт. Бийиктеген сайын жаңгак токою суюла баштап, 2100 *м*ден өйдө жолукпайт. Андан жогору шалбаалуу карагай токою, субальп ж-а альп зоналары мүнөздүү. Кенкол суусунун боюнда карагай токою бар. К.-Ү. ө. эс алууга ж-а туризмге ыңгайлуу. Кызыл-Үңкүр токой чарбасынан жаңгак, алма, алча ж. б. момо жемиштер жыйналат. Өрөөндө Кызыл-Үңкүр, Ак-Булак, Катар-Жаңгак кыш. жайгашкан.

Ад.: *Герасимов И. П.* Рельеф и геологическое строение районов плодовых лесов Южной Киргизии. М.; Л., 1948; *Лавриенко Е. М., Соколов С. Я.* Растительность плодовых лесов и прилегающих районов Южной Киргизии // Плодовые леса Южной Киргизии и их использования. М.; Л., 1949.

КЫЗЫЛЧА – катуу кармаган жугуштуу оору. Мында дене ысып, жөтөлүп, мурун бүтөт, үн каргылданат, көздүн, ооздун былжыр чели сезгенип, денеге кызыл бүдүрлөр чыгат. Аны вирус козгойт. Оорулуу түчкүргөндө, жөтөлгөндө вирустар шилекей, какырык тамчылары м-н абага тарап, соо адамга өтө тез жугат. Оорулардан туруктуу *иммунитет* пайда болот. Көбүнчө 5 жашка чейинки балдар оорүйт. 3 айга чейинки балдар демейде оорубайт, анткени ага бала кезинде ооруган эненин иммунитети берилет. Оору 4 мезгилге бөлүнөт: 1-мезгил оорудырган вирус оорунун белгисин пайда кылдырган, жашыруун мезгили (6–8 күн), экинчи баштапкы мезгили 3–4 күнгө созулат. Оору күчөгөндө, жарыкты карай албайт, бети шишикмик тартып, какылдап жөтөлөт, кээде тамагы ыйлынат, ал жалган *круп* болушу мүмкүн. Бул мезгилде түнүк азуу тушундагы ууртунун бышыгы чыгарда мейда ак тактар (тегереги кызыл) пайда болот. Ал денеде бүдүр пайда болгонго 2–3 күн калганда чыгып, кайра 1–2 күндөн кийин жоголо баштайт; үчүнчү мезгилде кызыл бүдүрлөр чыгып, дене кайра ысып, абалы начарлайт, тамагы кызарат. Кызыл бүдүрлөр адегенде бетке, андан тын артына, чекеге чыгат, 3-күнү денеге жайылтайт, 3-күнү буту-колго чыгат. 3–4 күндө алар чыгып бүтөт. Кол-бутка бүдүр чыга баштаган күнү беттеги тактар күрөң тартып, көп өтпөй бапкайт, б. а. тортүнчү мезгил башталат. Бул мезгилде жогортон төмөн карай бүдүрлөрдүн өңү өчүп, тери кургап, айрым жерлери ширеп-м-н таман какачтанып түлөйт, дене температурасы төмөндөп, баланын абалы жакшырат. К. жеңил ж-а оор өтүшү мүмкүн. Жеңил түрү адатта 4–5 айлык балада да болот, 6 айдан өткөн балада оор түрү байкалат. К-нын кабылдоосу өтө коркунучтуу, андан опко, ортоңку кулак сезгенет, тамактуу, андан опко, ортоңку кулак сезгенет, тамак ташишийт, ичегилер бузулат. Дарылоодо жеке тазалык, *диета*, оорулуунү багуу чоң мааниге ээ. Оорулуу жаткан бөлмөнү жакшы желдетүү,

терезени дайым ачып туруу керек. Жарыкты карай албай калганда, бөлмөнү караңгылабай эле оорулууну жарыкты каратпай жаткыруу керек. Терини сүртүп тазалап, оозду чайкап, суюктукту бат-бат ичирүү сунуш кылынат. К-га каршы эмдөө анын алдын алууда мааниси чоң.

КЫЗЫЛЧА (Beta L.) – шакардуулар тукумундагы эки жылдык өсүмдүк уруусу. Жапайы К-нын 15тей түрү Батыш Европа, Батыш Азия, Жер Ортолук деңиз боюнда, Индияда кездешет. Эгилме К. кадимки галофит К-сынан таралган. Ал б. з. ч. 1,5–2 миң жыл мурда Ассирия, Вавилония, Иран, Арменияда жашылча, дарыдармек өсүмдүгү катары өстүрүлгөн. Кадимки К-нын 1-жылы азык-тамыры ж-а топтошкон жөнөкөй ири жалбырактары чыгат. 2-жылы гүлдөп, урук байлайт. Гүлү эки жыныстуу, жашыл же агыш. Курт-кумурска ж-а шамал аркылуу кайчылаш чаңдашат. Бүчүр сымал мөмөсү 2–6дан биригип өсүп, ичинде уруктары болот. Эгилме К-нын түрчөлөрү: жалбырагы жашылча катары пайдаланылуучу жалбырак К. же мангольд К-сы ж-а кадимки азык тамыр К. (*аш кызылчасы, кант кызылчасы,* тоют кызылчасы). К-нын үрөндук уругун өстүрүүнүн 2 жолу бар; 1) кайра отургузуу жолу. К-нын биринчи жылкы майда азык тамырын күзүндө казып алып, талаанын четиндеги аңга көөмп сактайт. Жазында иргеп, талаага отургузулат да, уругу алынат; 2) «түз», б. а. кайра отургузбастан түшүм алуу жолу. Мында жайында, күзүндө талаага К-нын уругу себилет. К. өсүп чыгып, 5–8 жуп жалбырак байлап, кыш келгенде өсүшүн токтотот. Кийинки жылы талаадагы өсүмдүк кайра жанданып, гүлдөй турган сабагы өсүп чыгып, урук берет. Мында продукциянын өз наркы төмөн болуп, а. ч. жумуштарын механикалаштырууга ыңгайлуу келет. Бул ыкма кышы жумшак зонада (Кырг-ндын Чүй өрөөнү) колдонууга ылайыктуу.

КЫЗЫЛЧА КАЗГЫЧ – кызылча ж. б. азык-тамырлуу өсүмдүктөрдү казуучу а. ч. шайманы. К. к. негизинен кызылча комбайны жүрө албаган тегиз эмес, өңгүл-дөңгүл жерлерде пайдаланылат. Негизги бөлүгү – казуучу калак, ал кызылчаны казып сыртка чыгарат. Кийин ал кол м-н жыйналат. Мында эмгек өндүрүмдүүлүгү кол м-н казганга караганда 25–30%ке жогорулайт. К. к. катар аралыгы 45–60 *см*ге чейинки кызылчаны казууга ылайыкталган. СНК-3Р, СНС-2М ж. б. маркадагы К. к. ДТ-24, Т-28 ж-а «Беларусь» тракторлоруна тиркелет. Өзү жүрмө СНШ-3 маркасындагы К. к. пияз (катар аралыгы 45 *см* болгон) казууга да ылайыкталган. Саатына 0,6–0,8 *га* жердеги кызылчаны казат.

КЫЗЫЛЧА КОМБАЙНЫ – кызылча казып, жыйноочу машина. Ал бир эле мезгилде кызылчаны казып, топурак ж-а жалбырагынан арылтып, бункер же транспортко салат. КМШ



өлкөлөрүндө К. к. 30-жылдардан чыгарыла баштаган, 50-жылдары кызылча жыйноо толугу м-н механикалаштырылган. Топурак-климаттык шартка ылайыкталып, эки типтеги К. к. чыгарылат. Биринчи тибине кызылчаны казып алып, жалбырагын машинада кесүүчү СКЕМ-3Г, КСТ-3, СКП-2Г ж. б. маркадагы комбайндар, экинчи тибине кызылчанын жалбырагын кесип, андан кийин казып жыйноочу СКН-2, СКД-2 ж. б. маркадагы комбайндар кирет. К. к-нын негизги тетиктери: машинаны кызылчанын жөөктөрү б-ча багыттагыч автомат механизм, казгыч, калак, жалбырак көтөргүч, жалбырак кескич аппарат, тазалагыч шнек, жүктөгүч элеватор, бункер. Саатына орто эсеп м-н 2–3 *га* жердеги кызылчаны казып жыйнайт.

Ад.: Новые свеклоуборочные комбайны. М., 1968; Сельхозтехника, каталог, часть 1–. М., 1981.

КЫЗЫЛ-ЧАРБА – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Салам-Алик айыл округуна караштуу. Жазы суусунун сол өйүзүндө, деңиз деңг. 1220 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 28 *км* чыгыш тарапта. Кара-Суу т. ж. бекетинен 78 *км*. Калкы 1086 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Негизги мектеп, китепкана, клуб бар.

КЫЗЫЛЧА СУЮЛТКУЧ – кант кызылчасын жөөк бойлой суюлтуп, топуракты жумшартуучу ж-а отоо чөптөрдү жок кылуучу машина. Мурда СССРде УСМП-5,4 ж-а ПСА-2,7 маркасындагы К. с-тар чыгарылган, ЮМЗ-6АЛ/АМ, МТЗ-80/82 ж. б. тракторлоруна чиркелген. УСМП-5,4 К. с-чу 12 (жөөк аралыгы 45 *см*) ж-а 8 (жөөк аралыгы 60 *см*) жөөктөгү кызылчаны суюлтат. Негизги тетиктери: рама, кызылча суюлтуучу фреза, тракторго чиркелчү механизм, таяныч дөңгөлөк. Кызылча суюлтуучу секциялары рамага асма аркылуу биригет. Бычагы (уз. 50 *мм*) таяныч кыймылдаткыч дөңгөлөктөн конус редуктор аркылуу кыймылга келет (айланат). Суюлтуучу фреза агрегаттын жүрүү багытына 40° бурч б-ча жайгашат. Ар бир фрезага 6дан 18ге чейин бычак орнотулуп, алар дискте бир, эки же үчтөн жайгаштырылат. Бычактын

топуракка терең же тайыз кириши бурамалуу механизм аркылуу жөнгө салынат. Саатына 3,5 *га* жердеги кызылчаны суюлтат.

КЫЗЫЛЧА ТИККИЧ үрөндүк кызылчаны жөөккө аралыгын 60–70 *см* чарчылап тигет. Тиккич аппаратка үрөндүк кызылча жарым автоматтын жардамы м-н келет. К. т. дисктүү аппарат, диск тибиндеги кызылча көмгүч, дөңгөлөк, маркер, гидросистема ж-а отургучтан турат. Трактордун кыймыл берүүчү валынан иштейт. К. т-тин эки конусу бар. К. т. аппараты конустун илиништиргичинен кыймылга келет. Тиккич аппараттын рамасына эки жакка ачылма конусу бар эки дөңгөлөк, кызылча түрткүч, ачып тургуч, тигилген кызылчаны көмгүч орнотулат. К. т. тракторго чиркелет. Саатына 0,84 *га* жерге кызылча тигет.

КЫЗЫЛЧАЧЫЛЫК – дыйканчылыктын кант ө. ж. үчүн сырьё даярдоочу тармагы, *к. Кант кызылчасы, Дыйканчылык.*

КЫЗЫЛ-ШАРК – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Савай айыл округуна караштуу. Ош – Бишкек автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 750 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекети Кара-Суу ш-нан 7 *км* түн.-чыгыш тарапта. Калкы 4875 (2009); негизинен дыйкан ж-а мал чарбасында эмгектенет. Орто мектеп, 2 китепкана, мад-т үйү, оорукана, дарыкана бар. Турмуш-тиричилик кызматы, соода түйүндөрү, тамактануучу жайлар иштейт. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик, эки жолу Соц. Эмг. Баатыры Х. *Таширового* бюст орнотулган.

КЫЗЫЛ-ЭМГЕК – Нарын обл-нун Жумгал р-нундагы кыштак. Жаңы-Арык айыл округуна караштуу. Базар-Турук суусунун боюнда, деңиз деңг. 2150 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Чаек кыш-нан 45 *км* чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 135 *км*. Кыштак 1928-ж. негизделген. Калкы 1268 (2009); негизинен мал багып, дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода түйүндөрү иштейт.

КЫЗЫЛ-ЭШМЕ – Ош обл-нун Чоң Алай р-нундагы кыштак. Чоң Алай айыл округуна караштуу. Кызыл-Суу суусунун боюнда, деңиз деңг. 2500 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Дароот-Коргон кыш-нан 11 *км*. Ош т. ж. бекетинен 325 *км*. Кыштак 1950-ж. негизделген. Калкы 1171 (2009); негизинен мал м-н алектенип, дыйкан чарбасында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, мечит бар. Үй-бүлөлүк врачтар тобу, ФАП, соода түйүндөрү, турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү иштейт.

КЫЙМЫЛ – материянын жашоо формасы, анын эң маанилүү атрибуту; кеңири мааниде болмуштун (бытие), объективдүү реалдуулуктун (материя) бардык касиетин, өзгөрүүлөрүн өз мазмунунда чагылдырып, алардын жашоосун камсыз кылып турган универсалдуу филос. түшүнүк (категория). К. дүйнөдө болуп жаткан бардык процесстерди (кубулуштар, алардын абалдары, стадиялары, фазалары, мезгилдери, так булактары) камтыйт. Ошондуктан К. бытие, материя, нерсе ж-а кубулуштун ички карама-каршылыктарынын өз ара күрөшүнөн келип чыккан табигый аракет, жүрүш ж-а агым болуп эсептелет. Демек, бүткүл материалдык дүйнө м-н К. ажырагыс биримдикте жаралып, аны м-н жашап, бири-бирисиз өнүгүү (кыймыл) болбойт. К. негизинен ар кандай аракет, пайда болуу, козголуу, өзгөрүү, айлануу, өтүү, туруктуу, шарттуу, абсолюттуу, салыштырмалуу, үзгүлтүксүз, үзгүлтүктүү, чексиз, чар жайыт, жок болуу ж. б. формалар (мис., кыймылсыз турган нерсенин баары Жер шары м-н бирге суткалык ж-а жылдык айланууларды жасап, үзгүлтүксүз К-ды түзөт) аркылуу билинет. Байыркы грек философтору суу, аба, от ж-а атомду нерселердин баштапкы негизи катары карап, алар чексиз кыймылдап, өзгөрүп турарын белгилешкен. «К-ды таанып билүү – зарыл түрдө жаратылыштын таанып билүүгө алып барат», – деп айткан белгилүү философ Аристотель. 17–18-к-дагы материалист философтор К-ды механиканын эскондоруна салып түшүндүрүп, жаратылыштагы бардык өзгөрүүлөрдү нерселердин мейкиндиктеги орун которушу деп карашкан. К-ды диалектикалык материализм деңгээлинде таанып-билүүнүн тыйжасында, анын типтери ж-а формаларын аныкталган. Т. Б[illegible]

КЫЙМЫЛДАТКЫЧ – кандайдыр бир [illegible]ны мех. жумушка өзгөртүүчү түзүлмө. К. түрдүү машиналарды, кургакта, сууда, абада [illegible]то учуучу транспорт каражаттарын, [illegible] тех. жабдууларды, коммуналдык [illegible]лик приборлорун ж. б. аракетке [illegible]. Алгачкы мех. К.– суу дөңгөлөгү [illegible] өлкөлөрүндө сугат системасында [illegible]ган. 18-к-дын башында отун [illegible]ланган буу кыймылдаткычтары [illegible] 19-к-дын экинчи жарымында [illegible] эки жаңы тиби – *буу турбинасы* [illegible] *күймө кыймылдаткыч* [illegible] механик Э. Ленуар алгачкы [illegible] күймө кыймылдаткычты долбоорлоп [illegible] 1876-ж. Н. Отто 4 такты[illegible] 1897-ж. инженер Р. Дизель кыс[illegible] К-ты түзгөн. Андан кийин гидро[illegible] түзүлүшү өркүндөтүлүп, жыйынтыгында [illegible]вергетикалык агрегаттарды ж-а [illegible]рууга алып келди. Булардан тыр[illegible]дик, *реактивдүү кыймылдаткыч* [illegible] б. бар.

КЫЙМЫЛДАТКЫЧТЫ МУЗДАТУУ – кыймылдаткычтын бөлүктөрүн [illegible] кетүүдөн сактап, белгилүү темп-ради[illegible] туруу. Суюктук (көбүнчө суу) ж-а аба аркылуу муздатуу

болуп айырмаланат. Кеңири таралган түрүнө суюктук м-н муздатуу кирет ж-а анда суюктукту насостун жардамы аркылуу айландырып (циркуляция), цилиндрлердин башы муздатылат. 0°Сден төмөнкү темп-рада суунун ордуна



Автомобиль кыймылдаткычын суюктук м-н муздатуу: 1– радиатор; 2 – желдеткич; 3 – суу насосу; 4 – суу өткөргүч (суу рубашкасы); 5 – цилиндрдин башы.

жылдын бардык мезгилинде колдонулуучу суюктуктар, *антифриздер* пайдаланылат. Аба аркылуу К. м-да цилиндрлердин башынан ж. б. бөлүктөрдөн бөлүнүп чыккан жылуулук аба м-н үйлөтүлүп чыгарылып турат.

КЫЙМЫЛ САНЫ, и м п у л ь с (лат. impulsus – согуу, түртүү) – мех. кыймыл чени. К. с. $\overline{p}=mv$ – багыты чекит ылдамдыгындай багытталган вектордук чөндук. Күч таасир эткенде чекиттин К. с-нын чөндугу ж-а багыты Ньютон законунун негизинде өзгөрөт. Күч таасир этпегенде К. с. туруктуу болот. Мех. системанын К. с. (Q) анын бардык k чекиттеринин К. с-нын геом. суммасына же бардык системанын массасы (M) м-н анын масса борборунун ылдамдыгынын v_c көбөйтүндүсүнө барабар: $Q=m_k\overline{v}_k=M\overline{v}_c$. К. с-нын өзгөрүү закону төмөнкүчө жазылат: $Q_1-Q_0=\Sigma P_k$, мында Q_0, Q_1– баштапкы жана берилген убакыттагы системанын К. с., P_k– тышкы күч импульсу. Системага тышкы күч таасир этпегенде ички күчтүн таасиринен системанын кээ бир бөлүкчөсүнүн К. с. өзгөрөт, бирок сакталуу закону б-ча бүткүл системанын К. с. туруктуу бойдон калат. Бул закондун негизинде реактивдүү кыймылды атуу учурундагы артка түртүүнү ж. б. түшүндүрүүгө болот. Нерсенин ылдамдыгы жарыктыкына c жакындаган кезде, К. с. төмөнкү формула менен аныкталат: $p=m\overline{v}/\sqrt{1-\beta^2}$, мында $\beta=v/c$, эгер $v<<c$ болсо, бул формула $\overline{p}=mv$ түрүндө жазылат. Физ. талаалар да К. с-на ээ, мис., электр-магнит талаасынын импульсу. Талаанын К. с. анын тыгыздыгы м-н мүнөздөлөт ж-а талаанын чыңалышы же потенциалы м-н туюнтулат, к. *Кванттык механика*.

КЫЙМЫЛСЫЗ МҮЛК – физ. ж-а юрид. жактын менчигинде болгон жер ж. б. табигый участкалар. О. эле ага жерге байланыштуу заттык укуктар ж. б. мүлктөр (жеке адамдын курулуш объектилери, заводдор ж. б.) кирет.

КЫЙНОО – кызматтык кылмыштын бир түрү. Ага кызмат адамы тарабынан кандайдыр бир маалымат алуу же аны бирөөнүн мойнуна алдыруу үчүн жазалоо, о. эле коркутуу, уруп-сабоо ж. б. К-лор кирет. Кылмыш курамынын түз объектисине мамл. органдын укук-нормативдик ишмердүүлүгү, ал эми адам өмүрүнүн коопсуздугу же саламаттыгы кошумча объект болуп саналат. К. учурунда саламаттыгына залал келтирилген же өмүрүнүн коопсуздугуна коркунуч туулган адам жабырлануучу деп таанылат. Кылмыш курамына: а) жасаган же жасады деп шек туудурган аракет м-н адамдан маалымат алуу же аны мойнуна алдыруу үчүн жазалоо, о. эле коркутуу; б) белгилүү бир аракет жасоого мажбурлоо максатында атайылап уруп-сабоо же азапка салуу ж. б. К-лор кирет. Акыл-эси соо, 16 жашка толгон К. кылмышын аткарган кызмат адамы же кызмат адамынын көрүп-билүүсү же макулдугу м-н ушул эле кылмышты жасаган башка адамдар кылмыш субъектиси деп табылат. *К. А. Бодобаев.*

КЫЙШЫК МОЮН, к ы л ж ы р – моюндун бир тарабындагы булчуңдардын тартылышынын, моюн омурткаларынын кыйшайышынын ж-а оорусунун кесепетинен моюндун жантык абалы. Ал көбүнчө тубаса, баланын жатында туура эмес өсүшүнөн, төрөт кыйын болгон учурда баланын моюн ткандарынын кокусташынан, о. эле күйүктөн, жарааттан ж. б. тырыктардын тартылып калышынан болот. Моюн булчуңу жабыркаган жакка баш кыйшайып, ээк көтөрүңкү болуп, карама-каршы тарапка бурулат. Тубаса К. м. бала төрөлгөндө эле билинет. Дарылоо эрте башталбаса, акырындап моюн омурткалары, бет кыйшаят. Ошондуктан анын белгилери билинер замат врачка кайрылуу керек. Анын көрсөтмөсү м-н укалоо, дарылоо көнүгүүлөрүн жасаса болот (биринчи ирет врачтын көзөмөлүндө жасалат). Дарылоо мезгилинде баланы уктатканда башын соо жагына оодара жаткыруу зарыл. Хирург. жол м-н да дарылайт.

КЫЙЫР – чүкө оюнунун бир түрү. Оюнга эки же андан көп бала (киши) катышат. Катышуучулардын баары бирден чүкө тигип, сака калчашып, кезек м-н атышат. Биринчи атып, чүкөгө тийгизген ж-а сакасын айкүр тургузган оюнчу чүкөнү алат. Эгер атканда сака бөк же чүкө чик түшсө (же тескерисинче түшсө), ошол гана чүкөнү алат. Сака чүкөгө тийип таа консо (же чүкөгө тийбесе), чүкө алынбайт. Оюнчулар бир сыйра атып бүткөн соң, экинчи сыйра атышууда кимдин сакасы чүкөлөрдөн алыс болсо, ошол биринчи атат да, чүкөгө тийгизип, сакасы кыйырдай (чүкөлөрдү кол м-н шилей) турган жакын жерге түшүп, сакасы айкүр турса, бүт чүкөнү алат. Эгер кыйырга эңкейип жетпей, жер таянып жетсе, «тайнеке-сулаке» деп биринчи озунуп айтса, жата калып сакасы м-н чүкөлөрдү шилеп алат. Эгер андан кийин атуучу балдардын бирөө озунуп «тайнеке-сулаке»

меники деп койсо, ага чейинки балдардын эч кимиси жата калып шилебей, жалпы тартипте чүкөнү мээлеп атып, түпкө жакындап, кийинки кыйырдоочу кезегин күтөт. Оюн улана берип, тигилген чүкөлөр бүткөндө, кайра башынан ойнолот.

КЫЙЫШТЫРУУ, т р а н с п л а н т а ц и я – бир өсүмдүктү экинчисине калемчеси же бүчүрү (көзчөсү) аркылуу улоо. Кыйыштырылган өсүмдүктөрдүн төмөнкүсү кыюу асты, үстүнкүсү кыюу үстү деп аталат. К-да кыюу асты м-н кыюу үстүнүн *камбийлери* бири бирине кыналып, натыйжада алар биригип өсүп, бирдиктүү өсүмдүк организмин пайда кылат. Багбанчылыкта К.– мөмө өсүмдүгүнүн керектүү сортун вегетациялык жол м-н көбөйтүүнүн негизги ыкмасы. К-нун максаты: тамыры топурак-климат шартына көнүкпөгөн (тоңгон, ашыкча нымды көтөрө албаган ж. б.) кыюу астын алмаштыруу; кыюу үстүн чарбалык жактан баалуу, суукка чыдамдуу, илдет, зыянкечке туруктуусу м-н алмаштыруу; бийик же жапыз, кооз өсүмдүк түрүн алуу. К-нун 2 түрү бар: бүчүр (көзчө) аркылуу К. (окулировка) ж-а бир нече бүчүрү бар калемче аркылуу К. (копулировка). К. кышкы, жазгы,



Калемчени кыйыштыруу: 1 – кыюу асты; 2 – кыюу үстү.

жайкы К. болуп да айырмаланат. Кышкы К. өсүмдүктүн тыным мезгилинде, кыштын 2-жарымында үйдө, теплицада жүргүзүлөт. Жазгы К. аба ырайынын шартына жараша март–июнда, жайкы июлдан сентябрга чейин жүргүзүлөт. Бүчүрү м-н К. – мөмө дарактарын питомникте көбөйтүүнүн негизги ыкмасы. Кыюу асты үчүн питомникте 1-жылы өстүрүлүп жаткан көчөт алынат. Анын кабыгы оңой ажыраш үчүн камбийдин тез өсүшүнө шарт түзүлүп (илдет, зыянкечтен корголуп, түптөлүп, сугарылып), даярдалат. К. үчүн түптөлгөн топурак ачылып, жерден 5–7 *см* жогору кабыгы Т түрүндө кесилет. Кыюу үстүнө мөмөлөөчү дарактын четки, жарык жакшы түшкөн шагынан уз. 30–40 *см*, жоондугу 6 *см*ден кем эмес калемче кесилип, улоо үчүн анын ортосундагы мыкты бүчүрү пайдаланылат. Бүчүр кабыгы (кээде бир аз жыгачы) м-н кошо кесилип, Т түрүндө кесилген жаракага кынап киргизилип, бекем таңылат. 15–20 күндө бүчүр өсүп чыгат. Калемчелеп К. кыйгач кесип, «тилче» аркылуу, тилкелеп, боорунан тилип, шынаа түрүндө, көпүрөчө, кабык астына улоо ж. б. түргө бөлүнөт. Кыйгач кесип улоо питомникте же бактагы дарактын 1–2 жылдык бирдей жоондуктагы бутагын улоодо колдонулат. Түтүк (шакекче) аркылуу К-да кыюу астынын кабыгы кыйыштырылуучу жерден эки жолу тегерете шакекче түрүндө кесилип, дарактан ажыратылып алып ташталат. Кыюу үстүндө, о. эле шакекче (бүчүрү м-н) кесилип алынып, кыюу астынын кабыгы ачылган жерине бекитилет. Жакындаштырып К. же *аблакатировкада* кыюу үстү өскөн өсүмдүгүнөн ажыратылбастан, кыюу асты м-н бириктирилет да, алар биригип өскөндөн кийин гана ажыратылат.

Ад.: *Кренке Н. П.* Трансплантация растений. М., 1966; *Билек О., Гануш Б.* Прививка плодовых культур /Пер. с чеш. А.-А., 1986.

КЫЛАА, к. *Жээк*.

КЫЛАКӨЛ, К ы л а а - К ө л – Чаткал кырка тоосунун түн.-чыгыш капталындагы көл, Сары-Челек коругунда, Сары-Челек көлүнөн 0,5 *км* түш. тарапта жайгашкан. Дениз деңг. 1845 *м*. Бийикте жатат. Уз. 900 *м*, туурасы 600 *м*, [illegible] 0,6 *км*², тереңдиги 20 *м*ге жакын. Көлдө Сары-Челектен агып чыккан Тоскоол суусу (уз. 400–700 *м*) куюп, андан Сары-Камыш суусу [illegible] лат да, Кожо-Ата суусуна кошулат. [illegible] саздак келип, жээгинде камыш өсөт. [illegible] да дарактар отургузулган. Бал[illegible]

КЫЛА КӨРҮСТӨНҮ – эрте темир доорунан [illegible] дык археол. эстелик. Сон-Кол[illegible] тарабында Кыла жергесинде [illegible] йикт. 4 *м*, диаметри 50–60 [illegible] гон эрте темир дооруна [illegible] коргончо. Коргончонун бур[illegible] орнотулган. Мамынын [illegible] эрте темир дооруна таандык [illegible] тегерекче чегилген.

КЫЛ БАШ КУРТ, [illegible] (Trichocephalus tri[illegible]) [illegible] уруусундагы жуму[illegible] гынын алдынкы бөлүгү [illegible] ганда өтө кууш болуп [illegible] гинин арткы бөлүгү [illegible] турат. К. б. к. [illegible] м-н азыктангандык[illegible] алдынкы кыл сымал бөлүгү ичегинин [illegible] челине терен [illegible] рет. Ал 5–6 жыл [illegible]айт. Жумурткасы [illegible] сымал. К. б. к. адамдын гана митеси, [illegible] минт. Эсин алмаштырбайт. Оорулуу [illegible] заңы м-н жумурткасы сыртка бөлүнүп [illegible] жер кыртышынан жумурткадан [illegible] өөрчүйт. Митенин жумурткасын адам [illegible] ган жер-жемиш, жашылчаларды [illegible] ганган сууну [illegible]кенде жугузуп алат. [illegible] ичегисинде жумурткадан личинка чыгып, [illegible] жыныстык жактан өсүп жетилген куртка [illegible] ланат. К. б. к. сокур ж-а жоон ичегиде [illegible] кылат. Трихоцефалёз оорусун көзгөйт.

КЫЛДЫРООЧ – кооздоо ж-а жылуулоо максатында боз үйдүн чийи м-н керегесинин ортосуна тартылуучу терме таар. Көркөмдөлүп терилип согулган таардын 3–5 эни бириктирилип, керege бою же андан пасыраак бийиктикте жасалган.

КЫЛЖЫР – Кыргыз санжырасы б-ча Тагай бийдин бир уулу, к. *Бугу, Сарыбагыш.*

КЫЛЖЫРОВ Мина (1934-ж. т., Ысык-Көл обл., Тоң р-ну, Көк-Сай айылы) – малчы, СССР мамл. сыйл. лауреаты (1986), Кыргыз ССРинин мал чарбасына эмг. сиң. устаты (1979). 1954-жылдан Ысык-Көл обл-нун Тоң р-нундагы 22-партсъезд атн. колхоздун баш чабаны. Он биринчи беш жылдыкта (1981–85) ар жүз койдон орто эсеп м-н 188ден козу, ар койдон 5,1 *кг*дан жүн кыркып алган. 1986-жылдан ирилештирилген чабандык бригаданын жетекчиси болуп иштеген. 1987-ж. анын чабандык бригадасы ар жүз койдон (бардыгы 1560 кой) 141ден козу (1986-ж. 1013 койдун ар жүзүнөн 146дан козу), ар койдон 4,3 *кг*дан жүн (1986-ж. 5,2 *кг*дан жүн) кыркып алып, мамлекетке өткөргөн. Эки Ленин, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери м-н сыйланган.

КЫЛ КАЛЕМ (кисть) – сүрөт тартууда пайдаланылуучу жабдык. Катуу кылдуу К. к. (жылкы ж. б. жаныбарлардын жал-куйругунан жасалат) көбүнчө май боёк м-н тартууда, узун кылдуусу желим живописи м-н фрескада, ал эми жумуру учталган жумшак кылдуу (тыйын чычкан, кашкулак ж. б-дын жүнүнөн) К. акварель, темпера ж-а графикада колдонулат. Кызыл күзөндүн кылынан жасалган жумшак ж-а ийкемдүү К. к. ар түркүн боёк үчүн жарамдуу.

КЫЛКАНДУУ БАЛЫКТАР – чачыла канат балыктардын инфраклассы. Скелети (омуртка тутуму, кабыргалары) толук сөөккө айланган. Уз. 1 *см*ден 5 *м*ге чейин жетет. Денеси сөөктүү түрпү м-н капталган, кээ биринде түрпүсү жок. Сүзгүчтөрү курсагында, көкүрөгүндө же мойнунда жайгашкан. Сүзгүч канаттары тикендүү. Артқы ж-а заара-жыныс тешиги курсак сүзгүчтөрүнүн артында жайгашкан. Сүзгүч ыйлаакчасы демейдегидей, толтосу кенейген. К. б-дын 33 түркүмү, 420 тукуму, 20 миңдей түрү Жер шарынын бардык деңиз ж-а туссуз сууларында жашайт. Айрым жыныстуу, кээ бирлери гана гермафродиттер. Уруктануусу көбүнчө сыртта жүрөт, жумуртка (икра) таштайт. Кээси тирүү туйит (гамбузия ж. б.).

КЫЛ КУЙРУК (Anas acuta) – өрдөктөр тукумундагы куш. Эркегинин ортонку куйрук канаты ичке ж-а узун (аты ошондон). Уз. 70 *см*ге жакын. Ысык-Көл, Кочкор ойдундары ж-а Ат-Башы, Нарын өрөөндөрүндө көп кезигет. Топтошуп жашайт. Көбүнчө көл, дарыянын кургак, таштуу жээктерин байырлайт. Бир жылда эки жолу 2–3төн жумуртка туйит. Өсүмдүк уругу, мөмөсү, гүлү м-н азыктанат. К. к-тун саны аз болгондуктан, корукка алынып, Кырг-ндын Кызыл китебине катталган.

КЫЛ КУРТТАР (Gordiacea) – алгачкы көндөйлүү курттар классы. Денеси кылдай, жумуру, ичке, узун, бир нече *см*ден 1,5 *м*ге жетет, жоондугу 0,5–2 *мм*. Курт-кумурскалардын, рак сымалдардын митеси. Даяр азыктарды бүткүл денеси м-н соруп азыктанат, себеби алардын ичегиси өөрчүгөн эмес. Бөлүп чыгаруу органы да жок. Нерв системасы кулкундун айланасындагы нерв шакекчесинен башталган нерв түркүкторүнөн турат. Айрым жыныстуу. Дүйнөдө 5 түркүмү, 300 түрү белгилүү. Жетилген К. к. денизде, туссуз сууда жашайт. Алар миллиондогон жумурткасын ак жиптей кылып, бири бирине чаптап таштайт. Андан чыккан личинкасы аралык ээсинин (ийнеликтер, кызылдак чиркейлер ж-а күнүмдүктордун личинкалары) денесине кыймылдуу тумшугунун жардамы м-н тешип кирип, катуу кабык м-н капталып, цистага айланат. Жырткыч, ири курт-кумурскалар (акыркы ээси) аралык ээси м-н азыктанганда, циста ээсинин организминде мителик кылып өөрчүйт, жетилгенде анын денесин тешип сыртка чыгат (демейде ээси өлөт). Өөрчүшү 1 жылга созулат. Тузсуз көлмөдө уз. 1 *м*ге жеткен кадимки К. к. көп таралган, бирок кишиге зыяны жок.

КЫЛ КЫЯК – байыркы улуттук жаалуу тартма муз. аспап. 9–13-к-да О. Азия элдеринде кеңири тараган жаалуу тартма аспаптар м-н тектеш. Ал негизинен кулак, чара, моюн, куткун, тээк ж. б. бөлүктөрдөн турат. Тулкусу көк арчадан, өрүктөн сомдолуп чабылат. Уз. 65–70 *см*. Моюну кыска, беренеси жок. Добуш чыгаруу чарасы тең бөлүнгөн алмурут сыяктуу. Анын жарымы төөнүн жаргагы м-н капталат, алдына туурасынан кичинекей жыгачтан бертик коюлат. Капкактын ортосунан төмөн карай ичке кайыш тартылып, чарасына бекитилет. К. к-тын түбү санга коюп тартуу үчүн ылайыкталып, ичке келет, башында карама-каршы жайгашкан эки кулагы бар. Ал ыргай, чырганак, табылгыдан жасалат. К. к-тын тепкеги (тээги) үч бурчтук формасында эки ача жыгачтан, куткуну кайыш же булгаарыдан эки тилинип жасалып, ага кыл тартылат. Аспапты аттын куйрук кылы тартылган жаа м-н жанып ойнойт. Добушу бийик, мукам, укмуктуу чыгыш үчүн К. к-ка эки асый жылкынын куйрук кылы (60–70 талдан ашпаган) тагылат. Адатта кылды аспапка тагарда аны самындап жуун, тарап, карагайдын кайнаган чайырын сүйкөйт. Ойнор алдында кылга чайыр сүйкөлөт. К. к. түркүмүндөгү аспаптар дүйнөгө, айрыкча түрк тилдүү элдерге кеңири тараган. Алардын ичинен кыргыздын К. к-ы казактардын кыл кобызына, каракалпактардын кобызына, тувалыктардын илгесине, хакастардын ыыхына, алтайлыктардын илкемине тембри, добушу, күүлөнүшү, түсөлү, чабылышы жагынан окшош. К. к. негизинен кварта м-н квинтага күүлөнөт. Анын эки кылынан бир мезгилде: төмөнкүсүнөн обондуу, жогоркусунан туруктуу добуш чыгат. К. к-тын коңур добушу адамдын үн интонациясына өтө жакын. Анда адам турмушун, тарыхый окуяларды, жоокердик жүрүштөрдү баяндаган программалуу күүлөр тартылат. Түрдүү куралтагы адамдардын үнү, күлкүсү, ыйлаганы, кошок кошкону, жан-жаныбарлардын үнүнүлы, үнү, табигый көрүнүштөр («Тору кашка ат, кокуй», «Ак токту», «Түнкү күзөт», «Кенжек майлоо», «Улардын учушу», «Байге», «Шудуктуу», «Ботой» ж. б.) тууралып баяндалат. К. к. менен дастан айтуучулардын, жомокчулардын ж-а элдик ырчылардын коштоочу аспабы болгону да пайдаланылат. Айрым эскерүүлөрдө караганда байыркыда Байгын, Олжобай атчу чон кыякчылар болгон, алардын онөрүн Дөтка, Дилдебай, Боромбай, Саид, Жолой, Имаркул ж. б. улаган. К. к-та өзүнө мүнөздүү сөз жүлөр м-н бирге комуз, темир ооз комуз күүлөрү да тартылат. К. Орозов атн. Кыргыз мамл. акад. эл аспаптар оркестринде К. к-тын ар түрдөтүлгөн төрт түрү (кыл кыяк-прима, кыл кыяк-альт, кыл кыяк-бас, кыл кыяк-контрабас) пайдаланылат.

КЫЛ КЫЯКЧЫЛАР АНСАМБЛИ – алгачкы муз. коллектив. 1930-жылдары филармонияда уюшулган. Анын демилгечиси ж-а уюштуруучусу *Мураталы* Күрөнкөев болгон. ага Калык Дилдебай, Саид баштаган ондон ашуун кыл кыякчылар катышкан. 1948–66-ж. ансамблди С. *Бекмуратов* жетектеген. К. к. а-нин репертуарына «Байге», «Кош кайрык», «Сырдаш», «Эки ногой айрылыш» ж. б. күүлөр кирген.



Кыл кыяк: 1 – чарасы; 2 – жонокту; 3 – куткуну; 4 – тепкеги; 5 – кылдары; 6 – моюну; 7 – кулактары; 8 – жаа жыгачы; 9 – кыл тегептирге).

Кыл кыякчылар ансамбли. 1930-жылдар.



КЫЛМЫШ – коомго коркунуч келтире турган аракет (же аракетсиздик). Анын белгилери: 1) коомдук коркунуч; 2) тыюу салынган коркунучтуу иштерди жасоо; 3) күнөөлүүлүк, К-тын коомдук коркунучтуулугу К-тын Жаза кодексинде көрсөтүлөт. Коомго коркунуч келтирген, укукка каршы күнөөлүү жосундар жазалануусуна тийиш. Ал үчүн кодексте жазанын түрү ж-а ар бир кылмыштын мүнөзү, коомдук коркунучтуулугуна жараша атайы жаза чаралары каралган.

К. А. Бодобаев.

КЫЛМЫШКЕРДИ КАЙТАРЫП БЕРҮҮ, к. *Экстрадиция.*

КЫЛОО – кыргыздарда жаңы туулган музоого жасалуучу ырым. Уузду быкырып, музоонун мандайына, жонуна, куйругуна сүйкөп, «Кылоо-кылоо торпогум, алдыңа барсын борю жейт, артта калсын ууру алаа, көзү жоодон чыкпай жүр» дешип кылоолошот.

КЫЛТАК, туз жыгынын куйрук кылдарынан чыйрактыгын жоголтуп, узун чыбыктын башына байланган камек. К. м-н алгыр куштар кармалат. Жаңдарынын оозуна коюп, коён, түлкү, сары чычканды зымдан жасалган К. м-н кармашат.

КЫЛЧЫК ЖҮНДҮҮ КОЙ – жүнүнүн ичкелиги ж-а узундугуна карай кандай кой породасы. Алынган продукциясына жараша К. ж. к. төмөндөгү топторго бөлүнөт: түндүк тери багытындагы койлор (романов кою, кулунду кою, түндүк кыска куйруктуу кою, көрпө-сүт багытындагы койлор (карачаев кою, сокол кою) ж. б.; эт-май багытындагы койлор (гиссар кою, эдилбай кою, жайдарынкой ж. б.); жүн-эт багытындагы койлор (кавказ кою, черкас кою, дарваз кою ж. б.; эт-сүт багытындагы койлор (балбас кою, ромни-марш кою, карабах кою, карачай кою, лезгин кою, алтар кою ж. б.). К. ж. к-дун ар жүзүнөн (60–70) (роман коюнан 200–300) козу алынат, ар биринен 0,85–2,5 *кг* жүн кыркылат. Кылчык жүндөн кийиз, кийиз өтүк жасалат, килем жана токулат. К. ж. к-дун салмагы бирдей эмес. Жал., гиссар породасындагы соолуктун тирүүлөй салм. 90 *кг*дай, ал эми роман породасындагы соолуктуку 45 *кг*.

КЫЛЧЫК ЖҮНДҮҮ ЭЧКИ – жерг. эчкилердин эт-сүт-жүн багытындагы түрү. КМШ өлкөлөрүнүн түрдүү райондорунда асыралат. Жерг. шартка мыкты көнүккөн. Чондугу, салмагы, жүнүнүн сапаты б-ча айырмаланат. Мис., О. Азиядагы эчкилер Кавказдагыдан ирдүү келет. Түн. Кавказ ж-а Чыгыш Сибирь эчкисинин жүнү кыска (3–5 *см*), каралжын, тыбыты агыш болот. Ар эчкиден 0,3–0,7 *кг* жүн кыркылып, 50–150 *г*

тыбыт таралат. Тыбытынан түрдүү жоолук токулат. Кылчык жүнүнөн кийиз, одуракай кездеме, кыл килем, тасма жасалат. Сүт багытындагы эчкиден жылына 70–150 *кг* сүт саалат, сүтүнүн майлуулугу 4–6,3%. Ар жүз тубар эчкиден 110–130 улак алынат. Сойгондо 37–50% эт чыгат. Терисинен жумшак, бышык булгаары жасалат.

КЫЛЫМ – жүз жыл (мис., 1901-жыл 1-январдан 2000-жыл 31-декабрга чейинки мезгил 20-к.).

КЫЛЫЧ – 1) кыя чапма курал. К-тын көп түрү бар. Ал болот миздүү бөлүктөн ж-а саптан турат да, кынга салынат. К-тын миздүү бөлүгү ийри болуп, томпок кырына миз чыгарылат, иймек кыры жумуру, учу учтуу келип, уз. 800–900 *мм*, эни 30–35 *мм* болот. 6–7-к-да Чыгышта, кийин Россияда ж-а Европа өлкөлөрүндө пайда болгон. К-ты чапканда тийүү күчү көбүрөөк болгондой кылып, анын ийрилиги м-н оордук борбору бири бирине айкалыштырып жасалат. Чыгыш элдеринин чабуу үчүн гана арналган К-ы көбүрөөк ийилген түрдө, европа элдериники түзүрөөк келет. Сабы түрдүүчө иштелет. Кыны жыгачтан жасалып, булгаары, сактыян же баркыт м-н капталат да, металл, күмүш, алтын



Кылыч: 1 – коло кылычтын байыркы түрү; 2 – скиф кылычы акинак; 3 – Рим кылычы гладиолус; 4 – байыркы орус кылычы (9–11- ж-а 12–13-к.); 5 – Жакынкы Чыгыштагы атчандар кылычы; 6 – кесүүчү кылыч; 7 – спорттук кылыч.

чегеленип кооздолот; К. сол ыптага байланат. 19–20-к-дагы К-тын кыны металлдан жасалып, никель, хром м-н капталган же сырдалган. 16-к-да Россияда К. аскер жарагы болгон. С п о р т т у к К. – спорттук фехтованиеде сайма ж-а кыя чапма курал; ал ийкемдүү болот миздүү бөлүктөн ж-а чөйчөк түрүндө тосмолуу саптан турат. Миздүү бөлүгүнүн туура кесилиши трапеция формасында болуп, учуна карата улам ичкере берет да, учу 4×4 *мм* келген бөрк м-н аяктайт. К-тын жалпы уз. 105 *см*ден ашпайт (миздүү бөлүгү 88 *см*), массасы 500 *г*га чейин; 2) өрмөк согууда колдонулуучу курал. Уз. 45–55 *см*, жазылыгы 15–17 *см*, калыңдыгы 3–5 *см*, бир кыры жукартылган сабы бар бычак түспөлүндөгү тактайча. Өрмөктөгү эриштин астынкы жиптерин үстүнө, үстүнкү жиптерин астына алмай-телмей өткөргөндө К. м-н салмактуу эки-үч согуп, аркакты кынаптап турат.

КЫЛЫЧЕВ Абдрасул (1919, азыркы Нарын обл., Нарын р-ну, Ак-Кыя айылы – 16. 6. 1951, Фрунзе) – акын, котормочу, журналист, 1942-жылдан СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү. 1939-ж. Фрунзедеги мугалимдер ин-тун, кийин Респ. парт. мектепти, 1942-ж. аскердик окуу жайын бүтүргөн. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Мектепте мугалим, «Тянь-Шань правдасы», «Ленинчил жаш» гезиттеринде, Кыргызмамбаста иштеген. 1949-ж. «Ырлар» аттуу алгачкы ыр жыйнагы жарык көргөн. Анын «Жаш акындар» (1942), «Эне» (1967), «Мурас» (1979) ырлар ж-а поэмалар жыйнактары бар. Ал Г. Х. Андерсендин жомокторун ж-а көптөгөн орус акындарынын чыгармаларын кыргыз тилине которгон.

КЫЛЫЧЕВ Акылбек Мукаевич [25. 12. 1965-ж. т., Нарын обл., Тянь-Шань (азыркы Нарын) р-ну, Чет-Нура айылы] – дипломат, чыгыш таануучу, тарых илимд. доктору (2005). КМУну (1989), Ташкенттеги Абу Райхан Бируни атн. Чыгыш таануу ин-тунун аспирантурасын (1992), Араб Египет Респ-нын ТИМнин алдындагы Дипл. академиянын курсун (1998) бүтүргөн. 1989–90-ж. КМУнун тарых ф-тинин Байыркы жана орто кылымдар тарыхы, 1992–99-ж. Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тарыхы кафедраларында окутуучу, улук окутуучу, доцент. 1999–2003-ж. КРдин Иран Ислам Респ-нын элчилигинде 1-катчы, консулдук бөлүмүндө жетекчи, 2003–05-ж. КР ТИМдин Чыгыш өлкөлөрү башкармалыгында кеңешчи, 2005-жылдан КРдин Иран Ислам Респ-ндагы элчисинин орун басары. КРдин Атайын ж-а ыйгарым укуктуу кенже элчиси (2008) дипл. жогорку рангага ээ. Фарсы тилдүү булактардын негизинде жазылган 40тан ашуун ил. эмгектин (а. и. 2 монография) автору.

КЫЛЫЧЕВ Мукай [11. 3. 1927, Нарын обл., Тянь-Шань (азыркы Нарын) р-ну, Ак-Кыя айылы – 22. 3. 1989, Нарын р-ну, Чет-Нура айылы] – тунгуч агартуучу, Кыргыз ССРинин мадтына эмг. син. кызматкер (1969), СССРдин (1984) ж-а Кыргыз ССРинин эл агартуусунун (1966) отличниги. Кыргыз мамл. мугалимдер ин-тун (1951), Кырг-н мамл. педагогика ин-тун (1958), КМУнун тарых ф-тин (1957) бүтүргөн. 1942-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Тянь-Шань р-нунун Ак-Кыя, Чет-Нура, Эмгекчил, Орто-Саз, Ийри-Суу, Жданов, Ленин атн., Ат-Башы р-нунун Киров атн. орто мектептеринде мугалим ж-а директор болуп иштеген. Респ-нын билим берүү тармагында предметтерди кабинеттик системага өткөрүү, факультативдик сабактарды уюштуруу, сабакта көрсөтмө куралдар ж-а тех. каражаттар м-н иштөө б-ча жаңы ыкмаларды киргизүүдө, о. эле Кырг-ндын тарыхын окутууда ж-а жаштарды тарбиялоодо эмгек сиңирген. 100дөн ашык метод. макалалары жарык көргөн.

Эмг.: Кыргызстандын тарыхы боюнча факультативдик сабактарда айрым темаларды окутуунун жолдору. Ф., 1976.

КЫМЫЗ – бээ сүтүнөн (кээде уйдун, төөнүн) ачытып, атайын ыкма м-н даярдалган улуттук суусундук. Мал чарбасы өнүккөн байыркы көчмөн элдерде пайда болгон. Б. з. ч. 484–424-ж. байыркы грек тарыхчысы Геродот скифтердин К. ачытканын, аны жамаатташ жашаган көчмөн элдерден үйрөнгөнүн жазып кеткен. 13-к-да француз окумуштуусу Гильом, венециялык саякатчы Марко Поло, 18-к-да Ф. И. Страленберг ж. б. К-ды суусундук (ичимдик) катары баалашса, Кытай жыл баяндарында, Ибн-Синанын эмгектеринде, кийинчерээк П. С. Паллас, Н. В. Постников, С. С. Зимницкий, А. А. Малинин ж. б. орус окумуштууларынын изилдөөлөрүндө К-дын дарылык касиети тууралуу айтылып келген. К. алтайлыктар, башкырт, бурят, казак, калмак, кара калпак, кыргыз жаш элдерде эзелтен эле белгилүү. К. *сабада* (кыргызда) ж-а челекте (башкыртта) ачытылып, көп элдерде бирдей же окшош болгон. Жазында бээ жаңыдан тууган маалда саалган чийки сүт адегенде кор же үрп деп аталган ачыткы (идиштин түбүнө чөккөн К-дын коюусунун кургатылганы), кийин сабанын түбүндө калган көрөңгө м-н ачытылат. Сабадагы көрөңгөгө улам саалган сүт (1–1,5 саат сайын) кошулуп (26–28°С), бишкек м-н далайга бышылат (700–1000 ирет чамасында); эң сонку саалган сүт куюлганда дагы аябай бышылат да, саба жылуу жабылат. Мында спирттик ачуунун негизинде К. көмүр кычкыл газы м-н каныгып, көбүктөнөт. К-дын салаты жасоо ыкмаларынын туура сакталышына, асыресе көп бышылышына, ачытуу мезгилинин узактыгына, сабанын өз убагында ышталып, майланып турушуна жараша болот. К-дын өңү саан бээлердин жеген чөбүнө жараша болуп, адатта Арпа, Ак-Сай өрөөндөрүндө, Ысык-Көлдүн сырттарында кызгылтым, Суусамыр, Көк-Ойрокто агыш келет. Сүтүнө ж-а жасалышына жараша у й К. (уй, топоз сүтүнөн), т о о К. (тоо сүтүнөн), бал К. (байтал бээнин сүтүнөн), сөөк К. (кеч күздөгү же кышкы), у у з К. (эрте жаздагы), т у н м а К. же К-дын гүлү (эң алгач бышылбай куюлуп алынган), ы м ш ы т м а К. (тердетүү үчүн жылытылган), с а а м а л К. (көрөңгөгө сүт жаңы кошулган же чала ачыган), ч а й к а л г а н К. (бал, кант кошулган же өтө чайкалган), т о ң д у р м а К. (чаначка же көөкөргө атайын тоңдурулган) болуп айырмаланат. Курамында сүт к-тасынын ж-а спирттин болушуна жараша саамал К. (кычкылдуулугу 60–80°Т), орто (81–100°Т) ж-а күчтүү К. (101–120°Т) айырмаланат. К-да 2–2,5% белок, 1–2% май, 3,5% кант, С, А ж-а В тобундагы витаминдер болот. К-дын дарылык касиети изилденип, саламаттык сактоо уюмдары тарабынан кеңири пайдаланылууда. Россияда К. м-н дарылоочу алгачкы жай 1858-ж. Самаранын жанында уюшулган. К-дын курамында кишинин ден соолугуна эң керектүү заттар (амин к-талары, белок, кант ж. б.) көп ж-а толугу м-н организмге сиңет (95%). К. ичеги-карындын маңыз бөлүп чыгаруусун күчөтүп, тамакка табитти ачат; жүрөк, кан тамыр, дем алуу ж-а нерв системаларын дүүлүктүрүп, кубаттандырат; уйкуну келтирип, талыкшытат, кан басымы жогорулайт, жүрөктүн иштеши күчөйт. Өзгөчө эрте жаздагы жаш бээнин сүтүнөн ачытылган ууз К-дын дарылык касиети күчтүү. К. кургак учук, айрым ичеги-карын оорулары, аз кандуулукта ж. б-да колдонулат. К-ды бөтөлкөгө куюп, узак убакыт сактоо технологиясы иштелип чыгып, өндүрүшкө киргизилген. Бээнин жаңы саалып алынган сүтү 26–28°С температурада таза сүт кычкыл бактерияларынан ж-а сүт ачыткысынан турган ачыткы кошулуп ачытылат да, 45–60 *мин* аралаштырылат. Андан кийин бөтөлкөлөргө куюлуп, оозу бекем жабылып, 20–22°С температурада 30–40 *мин* [illegible]. Бөтөлкөгө куюлган К. 4–6°Сде сакталат.

Ад.: *Легенко Б. Г.* Кыргыз кымызы. Ф., 1985.

КЫМЫЗДЫК (Polygonum) – өсүмдүктөрдүн кымыздыктар тукумундагы уруусу. Бир же көп жылдык чөп. [illegible] да бадалча ж-а бадал. Сабагы тик өйдө, [illegible] төшөлүп [illegible] чырмалып өсөт. Жалбырагы жөнөкөй, түрдүү формада. Гүлү майда, 4–6 мүчөлүү, алар жалбырак колтугунан чыгат. Топ гүлү чачылаң же шыпырсыдак. Аталыгы 4–8, энелиги 2–3. Мөмөсү үч кырдуу же буурчак сымал. Мелүүн ж-а тропик аймактарда 300дөй түрү таралган. Кырг-нда 22 түрү бар. К-тын кээ бир түрү ашаткыч, боёк зат, о. эле дары өсүмдүк катары колдонулат.



Жылан сымал кымыздык.

КЫМЫЗДЫКТЫ МӨҢГҮСҮ – Алай кырка тоосунун түш. тармагынын түн. капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Уз. 7,3 *км*, аянты 6,2 *км*². Кызыл-Суунун (чыгыш) сол куймасы – Көк-Суунун алабынан орун алган. Башы деңиз

денг. 4600 *м*, этеги ж-а кар чеги 4300 *м* бийикте жатат. Абляциясынын аянты 4,1 *км*². Куралуу аймагы тоонун кырын бойлой дого сымал созулуп, «тили» кууштап кетет. Мөңгүдөн Кымыздыкты суусу (Көк-Суунун сол куймасы) башталат.

КЫМЫЗ МЕНЕН ДАРЫЛОО – дарылоодо бээ сүтүнөн ачытылган кымызды пайдалануу. К. м. д. *кургак учукту* дарылоочу санаторийлерде кенири колдонулат. Төөнүн, уйдун, эчкинин сүтүнөн да кымыз ачытылат. Бирок алардын ичинен организмге жагымдуулугу, пайдалуулугу, минерал заттардын көптүгү жагынан бээ кымызы артыкчылык кылат. Кымызда Д, РР, А, В, С витаминдери, сүт к-тасы, кант, минерал заттар, май, көмүр кычкыл газ болот. Кымызды ичкенден кийин ичеги карын жолдорунун бездери дүүлүгүп, карын зилин чыгаруу күчөйт. Ошондуктан аны ач карын ичүүгө болбойт, анткени ал карын, ичегилерди тез дүүлүктүрөт. Айрым оорулууларга жаңы саалган бээ сүтүн ичүү да сунуш кылынат. Кымыз тамакка табитти ачат. Анын курамындагы сүт к-тасы тамак-аштагы белок, май, кантты сиңирүүгө көмөк болот. Кымыз ичкенде адегенде жүрөктү лакылдатып, кан басымын бир аз көтөрөт, дени соо адамдар андан бат эле арылып, тамырдын кагышы кадимки абалына келет. Кан тамырларга да кымыз жакшы таасир тийгизип, эритроциттер м-н лейкоциттердин саны артат. Бирок *гипертония оорусунда, жүрөк кемтигинде* кымыз ичүүгө болбойт. Кымыз туберкулёз ооруларында, *аз кандуулукта*, о. эле өнөкөт бронхит, энтероколит ж. б. кеселдерде врачтын кеңеши м-н ичкенде гана пайдалуу. Сапаттуу жасалган, өлчөмү м-н ичилген кымыз ден соолукту чыңдап, өмүрдү узартууга өбөлгө болот.

КЫМЫРАН – кымыз же сүткө суу кошуп кайнаткан мүнөз тамак. Ага бир аз күрүч, талкан же акталган таруу кошулушу мүмкүн. Оорулуу К-ды табыптын сунушу б-ча ичкен.

КЫН – *кылыч, канжар, шап, кездик, бычак* сыяктуу жабдыктардын кабы. Кайыштан, ириден же булгаарыдан курал баткыдай бычылып, көпчүлүгү жыгачтан оюлуп жасалып, сыртына алтын-күмүш чабылып же бетине оймо-чийме түшүрүлүп, К-дын төмөнкү учунан тилим-тилим чачы чыгарылган. К. ооз жагындагы темир же кайыш шакекче илмегинен курга илинет.



КЫНАЛМА ТАШ, б р у с ч а т к а – катуу тоо тектерден (гранит, диабаз, базальт ж. б.) даярдалган курулуш материалы. Короо-жайга ж-а жолго төшөлөт. К. т-тын уз. 15–30 *см*, туурасы 9–15 *см*, бийикт. 9–16 *см*. Акыркы мезгилде К. т. атайын аралашмадан ар кандай формадагы калыпка куюлуп, түрдүү түстө даярдалат. Сейил бактарга, аянттарга, жоо адамдар жүрүүчү жолдорго кенири төшөлүүдө.

КЫНДЫ ОТТУК ТАШ ЖАНА ЯШМА КЕНИ Нарын обл-нун Ат-Башы р-нунда, Ат-Башы кышнан 60 *км* чыгыш тарапта, Ат-Башы суусунун алабында, Беш-Белчир тоосундагы Кынды ашуусунун түн. ж-а түш. жактарында, деңиз денг. 3400–3600 *м* бийикте. 1965-ж. табылып, 1975–78-ж. геол. иштер жүргүзүлгөн. Кен аймагында девондун башталышы м-н ортосунда пайда болгон эффузив-пироклаз тектери жатат. Арасында яшма м-н оттук таш катмарлары кезигет. Оттук таш катмарынын калыңдыгы 7–12 *м*, уз. 300 *м*. Өңү жашыл боз, көгүш, бозомук, кээде көгүш кызыл, темгилдүү, бозомук тактар бар, оймо-чиймелүү. Жакшы сайкалданат. Сайкалданган бети түрдүү түстүү нур чыгарып, кубулжуп турат. Чыккан блоктордун өлчөмү 0,4×0,6×0,5 *м*ге жетет. Яшманын линзалары сейрек учурайт. Калыңдыгы 5 *м*, уз. 10 *м*, өңү негизинен кызыл, күрөң кызыл, ачык кызыл. Жакшы сайкалданат. Оймо-чиймелери бир түрдүү, чаар аласында жашыл, көгүш кызыл түстөр байкалат. Болжолдуу ресурсу ондогон *м*ге жетет. Кооз буюмдарды жасоого жарактуу.

КЫҢЫРАК – эки жагы тең миздүү, көрксүз жасалган чоң бычак. Ал кийиз, тери, ширө кесүү үчүн колдонулган.

КЫПЧАК – кыргыздын этностук курамындагы ичкилик уруулук тобуна (к. *Булгачы уруулук бирикмеси*) кирген уруулардын бири. Айрым окумуштуулардын пикири б-ча байыркы К. уруулары (к. *Кумандар, Кыпчактар*) м-н түз байланышы бар этностук компонент болуп саналат. Санжыра маалыматтарында К. тогуз урууга (таз, торайгыр, кожомшүкүр, жартыбаш, шердек, кармыш, жаманак, омонок, алтыке) таралып, Түш. Кырг-нда (Фергана ороону) жашаган К-тар жалпы жонунан «кыргыз кыпчак» («тору кыпчак»), *өзбектерге* жакындары «сарт кыпчак» («сары кыпчак»), *казактар* м-н аралаш тургандар «казак кыпчак» («кара кыпчак») деп аталып калган деп айтылат. Бирок ил. көз караштар б-ча аларды өзбек, каракалпак ж. б-дын курамындагы К-тар м-н салыштырууга болбойт, алардын түзүлүшү башкача экени байкалат, ал эми казактардын ичиндеги К-тарда да торайгыр тобу кездешет. Ошондуктан К-тардын теги алтайлык уруулар м-н байланышта болгон деп кароого болот. Негизинен Түн. Кырг-ндын Чүй (Аламүдүн, Кант, Чүй, Кемин ж. б.), Нарын (Нарын, Ак-Талаа, Ат-Башы, Кочкор ж. б.), Ысык-Көл (Тон, Түп) ороондорүнүн кээ бир айылдарында урууруу болуп чогуу турушат. Бул аймактарда жашаган К-тар өздөрүнүн түпкү тегин Түш. Кырг-и деп эсептейт. Кыргыз эпосторунун башкы каармандары: Эр Төштүк, Курманбек, Жаныш, Байыш ж-а Эр Үрбү, Шырдакбек ж. б. баатырлардын уруусу К. экени айтылат.

Ад.: *Абуль-Гази хан.* Родословное древо тюрков. Казань. 1906; *Эсенкул Тококан уулу.* Кыргыздын кыскача санжырасы. Т. 2. Б., 1995; *Закиров С.* Кыргыз санжырасы. Б., 1996; *Абрамзон С. М.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1999; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 1. Б., 2003. *Р. Жолдошов.*

КЫПЧАК – Жалал-Абад обл-нун Сузак р-нундагы кыштак. Барпы атн. айыл округуна караштуу. Деңиз денг. 720 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Сузак кыш-нан 15 *км* чыгыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 10 *км*. Калкы 950 (2008); негизинен дыйкан чарбасында эмгектенет. Медпункт бар.

КЫПЧАК ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИ – о. кылымдардагы түрк тилдүү уруулардын таандык жазма эстеликтер. Кыпчак тили ж-да толук маалыматтар 1234-ж. итал. ж-а көмүс монахтары түзгөн 2994 сөздөн турган «*Кодекс Куманикус*» аттуу латын-фарсы-кыпчак сөздүгүндө чагылдырылган. Сөздүктө христиан дубалары ж-а 50 табышмак берилген, ал 1880-ж. Будапештте Геза Кун тарабынан басылып чыккан. 15–17-к-дагы Каменец-Подольскиде армян алфавитиндеги хроникалар ж-а соттук актылар кыпчак тилинде жазылган. Алардын ичинен 1492–1537-ж-ды камтыган Венеция хроникасы белгилүү. Бул хроникаңы 1896-ж. тарыхчы Р. Алишан басып чыгарган.

КЫПЧАК КЫРГЫНЫ (Борб. Азияда) – 630–640-ж. Түн. Монголияда түзүлгөн Кыпчак (Сйеяньто, Сыр-Тардуш) каганатынын (к. *Кыпчактар*) кыйрашына байланыштуу окуя. Ильтэр тукуму башкарган бул каганат Алтай, Хинган, Гоби, Керолон ж-а түндүктөгү *Енисей кыргыздарын* да убактылуу баш ийдирген. Башчысы Инанчу-иркин өзүн Йенто Зилге (Бицзя) каган деп жарыялап, Кытай императорунун кызына үйлөнүү үчүн элчи жиберген. Император андан баш тарткан ж-а түн. Кыпчак-кытай чек арасын бекемдеген. Ага жөн кыпчактар 641-ж. Кытайга кол салып, салгылашта Билге каган өлүп, кичүү уулу Бачжо бийликке келет. Ал атасынын саясатын улантып, айласыздан огуз уруулары катуу кысым көрсөткөн. Натыйжада кыпчактарга карама-каршы огуздардын союзу түзүлгөн. 646-ж. ирониа тэн аскеринин жардамы м-н улуу дөрөөлүү эмир Тимуду жетектеген уйгур, байегу, түлөпугу уруулары кыпчактарды талкалаган. Бачжо колго түшүп өлтүрүлүп, анын уруусу толук кырылган. Кыпчактардын мамлекети жашосун токтотуп, кобу (50–60 мин) Кытайга айдалып, бир болүгү казакка, калганы кыргызга тарап кеткен.

Ад.: *Кюнер Н. В.* Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. М., 1960; *Кляшторный С. Г., Султанов Т. И.* Казахстан: летопись трех тысячелетий. А., 1992; *Бернштам А. Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана (в 2-х томах). Б., 1998; *Бичурин Н. Я. (Иакинф).* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. Т. 1. А., 1998; Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана / Сост. Т. Д. Джуманалиев. Т. 1. Б., 2007; Балыкооздуи санжырасы. Б., 2009. *Э. Турганбаев.*

КЫПЧАК КЫРГЫНЫ (Кокон хандыгында) – 1850-жылдардын башындагы кандуу окуя. 1844-ж. кыпчак бийи *Мусулманкул* 14 жаштагы *Кудаяр ханга* аталык болгондугуна байланыштуу, бардык бийликти өз колуна топтоого жетишкен. Хандыктагы саясий бийлик иш жүзүндө кыпчактардын колуна өткөн. Кокон хандыгында ошол эле учурда кыпчактардын ичинде өз ара атаандашуулар күчөп, эки саясий топко бөлүнүп, ар бир топ Кудаяр ханды өз жагына тартууну көздөгөн. Мындай абал отурукташкан калктын, а. и. көчмөн кыргыз тоболдөрүнүн нааразылыгын күчөткөн. Алийлик *Алымбек* датка баштаган кыргыздар, Ташкент ш-нын кушбеги кыпчак Нарматбек ж. б. Мусулманкулдун бийлигине каршы көтөрүлүшкө өтүшкөн. 1850–51-ж. Нарматбек ташкенттик казактарды ж-а таластык, чүйлүк кыргыз бийлерин колго алуу м-н абалын бекемдеп, Мусулманкулга каршы ачык күрөшкө чыккан. Аны ордодогу кыргыз, ал түгүл өзбектердин кээ бир белгилүү адамдары да колдогон. 1851-ж. Кудаяр хандан колдоо алышкан бул топ кыпчактарга каршы козголоң уюштурган. Кокон ш-ндагы кыпчактарды кырып салышат. Ооп отпой Кудаяр хан да Мусулманкулга каршы топко кошулган. Быкылдама деген жерде (Эки-Суу арасы) Кудаяр хан м-н Мусулманкулдун аскери беттешип, кармаша 1500дөй кыпчак олуп, сооктору Кара-Дарыяга агызылган. Мусулманкул тут кундалып, анын көзүнчө ордого чейинки ар бир 100–200 көчөм сайын 5–10 кыпчактын башы алынып турган. К. к. 1852-ж. күзүндө Мусулманкул дарга асылганга чейин уланган. Жалпы маалыматтар б-ча Кокон хандыгында 1851–52-ж. жазгысынан 20 мин чамалуу кыпчактын кырылгандары ырасталат.

Ад.: *Наймаркин В.* Краткая история Кокандского ханства. Казань, 1886; *Терентьев М. А.* История завоевания Средней Азии. Т. 1. СПб., 1906; *Набиев Р. Н.* Борьба за власть в истории Кокандского ханства (феодальное хозяйство Худояр хана). Таш., 1973; *Плоских В. М.* Кыргызы и Кокандское ханство. Ф., 1977; *Кыргызбаева Т.* Кыргызстандын Орусияга каратылышы. Б., 1997; *ошонуку эле.* Кокон хандыгы жана кыргыздар. Ош, 1997; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 2. Б., 2000; *Хасанов А.* Избранные труды. Очерки по истории Киргизии. Б.; М., 2004. *Ж. Аламбаев.*

КЫПЧАКОВ Абдулла (1918, Ош обл., Нөөкөт р-ну, Караван айылы –1987, ошол эле жер) – тамеки өстүрүүчү, Соц. Эмг. Баатыры (1950).



1932-жылдан Ноокат р-нундагы «Кызыл-Кыя» совхозунда жумушчу, 1947-жылдан бригадир болуп иштеген. 1949-ж. анын бригадасы тамекинин ар гектарынан 24,5 ц-ден түшүм алууга жетишкен. Ленин ордени м-н сыйланган.

КЫПЧАКОВ Жумабай (11. 9. 1929-ж. т., Чүй обл., Кант р-ну, Алга айылы) – гобойчу, Кыргыз ССР эл арт. (1986). 1957-ж. Фрунзедеги М. Күронкоев атн. муз. окуу жайын бүткөн. 1944-жылдан Кыргыз мамл. филармониясынын Кыргыз эл аспаптар оркестринде адегенде комуз черткен. Гобойду Ленинграддан эвакуацияланып келген гобойчу И. Ильясовдон үйрөнүп, кийин оркестрде гобой партиясын ойногон тунгуч музыкант. Кыргыз, орус ж-а дүйнөлүк көрүнүктүү композиторлордун (Моцарт, Гендель ж. б.) гобой үчүн жазылган чыгармаларын чебер аткарат. П. Шубин атн., М. Абдраев атн. балдардын муз. мектептеринде сабак берген. Оркестрдин курамында СССРдин шаарларында, Францияда, Италияда, Румынияда ж. б. гастролдо болгон. Медалдар м-н сыйланган.





Ж. Кыпчаков гобойдо ойноодо.

КЫПЧАКТАР – Борб. Азиядагы байыркы түрк уруулар тобу. Кээ бир синологдордун (Ф. Хирт, П. Будберг) көз карашы б-ча К. ж-догу алгачкы маалыматтар кытай жыл баяндарында сйе ж-а яньто, *Тойукукта* сир түрүндө кездешет. Кийин сйелер яньтолорду багындырып, сйеяньто (Сыр-Тардуш) уруусун түзгөнү ж-а алар уйгур, байегу, тунло, пугу сыяктуу эле *хунндардын* тйелэ (телес, теле) уруусунун бир бутагы экени айтылат. М. *Кашгари* кыргыз, *огуз*, *тухси*, *чигил*, ягмалардай эле К. да таза түрк тилинде сүйлөгөнүн белгилесе, мусулман жазма дареги-тринде «кыфчак», «кыбчак», орус жыл баяндарында «половецтер», батышта «*куман*», «коман» түрүндө берилген. Бирок айрым окумуштуулардын (Т. И. Султанов, С. Г. *Кляшторный*) пикири б-ча байыркы кытай жыл баяндарында кездешкен «кюеше» («цзюше») этнонимн фонет. жактан К-га тиешеси жок. К. алгачкы жолу уйгурлардын каганы (745) Моюн Чурдун эстелигинде (751) эскерилип, уйгурлар 50 жыл аларга көз каранды болгону айтылат. Кытай жыл баяндары б-ча *жужандардын* империясы кулагандан кийин (552) сйеяньтолор *Түрк каганды-гына*, кийинчерээк *Батыш Түрк кагандыгына* карап, башка түрк уруулары м-н бирге Чыгыш Тенир-Тоодон Түш.-Батыш Алтайга чейинки аймакты ээлешкен. Түрк кагандыгынын кыйрашы м-н (630) саясий аренага сйеяньто ж-а уйгурлар чыгып, көп өтпөй эле кээ бир түрк уруулары (тогуз-огуз) м-н кошулган сйеяньтолор Ильтэр тукуму башында турган өз алдынча мамлекет түзүүгө жетишет. К-дын күчөп бараткынан кооптонгон Тан империясы уйгуро ж-а огуз уруулары м-н союз түзүп, сйеяньтолорду катуу кырышкан (к. *Кыпчак кыргыны*). 735-жылдан сир этнонимн жоголуп, 8-к-дын рун текстери м-н араб маалыматтарында (*Ибн Хордадбек*, *Гардизи*, *Ибн ал-Асир*) түрк уруулардын бири К. (кыбчак, хифджак ж. б.) ж-а алар кара, ак, сарылар болуп болүнгөнү ж-до айтылат. Бул уруу бирикмеси 8–9-к-да кымактар м-н этностук-саясий карым-катнашта болгон. 10–11-к-да К. эки багытка – түштүккө (*Мавераннахр*) ж-а батышка (Волга боюна) жүрт которушкан. Бул мезгилде К-дын кайрадан күч алышы м-н печенегдер Дон, Дунай д-нын жээктерин карап чегинет. М. Кашгаринин эмгеги б-ча 9-к-да К. имак, караборүк, субар, *канлы*, токсаба, бозулүү ж. б. уруулардан турган. Кээ бир араб, фарсы даректери б-ча 12–13-к-да Иртыштан Дунайга чейинки эбегейсиз зор аймакка үстөмдүк кылышкандыктан, ал жерлер Дешт и-Кыпчак (Кыпчак талаасы) деген ат м-н белгилүү болгон. 13-к-да монголдордун чабуулуна байланыштуу К-дын бир болүгү аларга баш ийип калышса, айрымдары Балкан ж. а-н коздой жылып кеткен. Батый хан негиздеген *Алтын Ордонун* негизги болүгүн К. түзүп, ал ыдырагандан кийин ар кайсы улустун курамында калышкан. Негизинен К. ээлеген аймактын этностук абалы бир кылка болгон эмес, ошондуктан алар кымак, кыргыз, печенег, булгар, хазар, берендей, истяк ж. б. угор-финн этнокомпоненттерине синип турушкан. Азыркы каракалпак, башкыр, лакай, кыргыз, түркмөн, алтай, ногой ж-а крым татарлары сыяктуу түрк тилдүү элдердин курамында кыпчак уруулары көп кездешет. Казак эли болсо оздорүнүн этногенезин К. аркылуу түзүлгөн деп эсептешет. Кыргыздардын ичиндеги К. (к. *Кыпчак*) санжырада бир нече уруктардан куралат. *Түрк тилдеринин* генеал. классификациясында батыш хунн тобундагы кыпчак бутагы о. кылымдан баштап кийинки кыргыз, казак, түркмөн, уйгур, каракалпак, татар, башкыр, кумук, карачай, балкар, кочмон өзбек, конурат, катаган, лакай ж. б. элдердин калыптанышына чоң таасир тийгизгени белгиленет. *Кыргыз тилинин* онүгүшүнө да кыпчак тилинин таасири тийген. Ал эми ар кайсы элдин курамына кирген (каракалпак-кыпчак, казак-кыпчак, ногой-кыпчак, башкыр-кыпчак ж. б.) кыпчак уруу каталыштарындагы эн тамга, этноним, тамга белгилеринин ортосунда этногенетикалык жакындыктар бар.

Ад.: *Голубовский П. Б.* Печенеги, торки и половцы до нашествия татар. Киев, 1884; *Абуль-Гази хан.* Родословное древо тюрков. Казань, 1906; *Кюнер Н. В.* Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. М., 1960; *Шаниязов К. Ш.* К этнической истории узбекского народа (историко-этнографическое исследование на материалах кипчакского компонента). Таш., 1974; *Кумеков Б. Е.* Арабские и персидские источники по истории кипчаков XI–XIII вв. Алма-Ата., 1987; *он же.* Арабские источники по истории кыпчаков, куманов и кимаков VIII–XIII вв., СПб., 1998; *Пигулевская Н. М.* Половцы. М., 1990; *Кляшторный С. Г., Султанов Т. И.* Казахстан: летопись трех тысячелетий. А., 1992; *Чоротегин Т. К.* Махмуд Кашгарский (Барскани) жана анын «Дивану лугати ит-түрк» деген жыйнагы (1072–1077). Б., 1997; *Гаркавец А. Ю.* Кыпчакское письменное наследие, в 2-х т., А., 2003.

КЫПЧАК ТИЛИ – куман, *кыпчактардын* тили. 10-к-дын орто ченинде Чыгыш Европада пайда болуп, чыгыш м-н батышка аймактарына (Кара деңиз боюндагы талаалар, кийин Крым ж-а Балкан ж. а-ныи бир бөлүгү) кенири тараган. Түрк тилдеринин көпчүлүк тобунун кыпчак-половец топчосуна кирет. Өзүнө лексикасынан кирген создор кездешет. Мисалы доорула (11-к.–13-к-дын 1-жарымы) чейинки куман же кыпчак тили ж-догу маалымат *Махмуд Кашгаринин «Дивану лугат-ит-түрк»* аттуу энциклопедиясында берилген. Бул тилдин мыйзам доорунун (11-к.–16-к-дын 2-жарымы) кийинки жазма даректери кобүрөөк белгилүү. 1303-ж. Г. Ж. Клапрот басып чыгарган латын-фарсы-куман сөздүгү бар. **КЫПЧУУР** – чок, чычала, кашаар ж. б. ысык нарселерди кыпчып карман үчүн темирден жасалган кош жаактуу аспап. Эл ичинде К. деген сөзү кычкач, чымчуур, лакшегер деп да аталат.

КЫПЧУУР, к л е щ и – 1) м е х а н и к а л ы к К. – кайра иштетүүчү жайда (темирчи К.) дайдалуучу нерсени кармоо үчүн чымчыгыч түрүндөгү курал. О. эле мыкты сууруп алууда колдонулат. 2) Т о к о л ч о г у ч К. – электр чынжырындагы 10 *кВ* чыналууга чейинки өзгөрмөлүү ток күчүн чеңоочу, алып жүрүүгө ыңгайлуу түзүлүш. Ал изоляцияланган туткасы ж-а ар кандай өлчөмдөгү К-лары бар киндиктен (сердечник) турат. Ченеп-аныктооч аспап туташтырылган ором киндикте жайгашкан.

КЫПЧУУРЛАР, т е р и к а н а т т у у л а р (Dermaptera) – курт-кумурскалар түркүмү. Дене уз. 3,5–50 *мм*ге жетет. Түсү саргыч күрөн же каралжын. Алдынкы канаттары кыска, арткысы жаргакчалуу. Курсагы 7–10 муунактуу, учунда ийри кыпчууру болот. Ал коргонуу ж-а кол салуу органы болуп саналат. Чала кубулуу жолу м-н кобойот. Жумурткасын жерге (уясына) таштайт. Ургаачысы уясында жумурткасын, андан чыккан личинкасын кайтарат. 1300дөй түрү тропик, субтропикте кенири таралган. Нымдуу, жылуу жерде жашайт. Күндүз таш, түшкөн жалбырак астында жашынып жатат, түнкүсүн азыгын издейт. Өсүмдүк, жаныбар калдыктары, курт-кумурска м-н азыктанат. А. ч. өсүмдүктөрүнө зыян келтирет.

КЫПЧЫЛМА – Өзбек р-нунун аймагындагы кооз капчыгай. Фергана хр. тилкесинин түш.-батышындагы Жазы ерөөнүнүн ортолук, антецеденттик болүгүн ээлейт. Жазынын оң куймасы – Чыттыдан ылдый, 1959-ж. бийиктен башталып, капчыгайдын аягы деңиз деңгээлинен 1820 *м* бийиктө бүтөт. Уз. 7 *км*ге жакын, бир нече күрөө, терең каньон болүгү 1 *км*ге созулат. Күрөөлөрү 50–60 *м*, айрым жерлери андан да жогору. Капчыгай палеозойдун акиташ, филлит, сланец, кумдук тектеринен турган Кычыл-Кыя синклиналын төртүнчүлүк мезгилде Жазы суусунун жеп, кесип өтүшүнөн пайда болгон. Жээктери тик, бир кыйла жери жалаңач жыныска. Күн чыгыш жак оң бети 700–800 *м*ге жеткен тик аскалуу. Сол жак бетинде чоң-чоң үңкүр, эңилме корум ташгар көп. Мурдо, бөчөлөрдү жарып жол салганга чейин, адам аяк жүрбөгөн жерларга жармашып, терең капчыгайдын эки жээгинен өтүү өкөн. Өзөндүн нугу зоокалардын калдыктарынан таптарга толгон. Жазынын суусу капчыгайдын ортосунан урунуп, шаркырап, капчыгайдын жогорку бөлүгүнүн тез агат. К-нын ичи каксоо, өсүмдүктөргө жарды; бадалдар сейрек, арча, карагай аралаш учурайт. Капчыгай аркылуу автожолу өтөт. К., андан жогору жайгашкан Кыргызалы коругу, Кара-Шоро ж. б. кооз жерлер зор кызыгууну туудурат.

КЫРБАШ – тоонун кырка тартып, жондонуп чыгып турган болүгү; тоонун эки капталын биригтирген, узатасынан созулуп жаткан жону. К. ийри-буйру келип, чокулардан, белдерден турат. Адатта, К. суу болүгүч болот. Топоним катары геогр. аттарды пайда кылууга да катышат, мис., Кыр-Жол ашуусу, Кыр-Жол кыш., Боз-Кыр кырка тоосу ж. б. К-дын синоними катары жон, жал, кыран түшүнүктөрү да кенири колдонулат.

КЫРБАШЕВ Кенеш (2. 4. 1931, Ысык-Кол обл., Ысык-Кол р-ну, Темир айылы – 29. 2. 2004, Бишкек) – «Манас» изилдөөчү ж-а жыйноочу, КР илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйл.

лауреаты (1997), филология илимд. кандидаты (1968), КР мад-тына эмг. син. ишмер (1990). КМУнун филология ф-тин бүтүргөн (1956). КР УИАнын Тил ж-а адабият ин-тунда лаборант (1958), кенже ил. кызматкер (1958–69), улук ил. кызматкер (1969), жетектөөчү ил. кызматкер (1990), Кол жазмалар бөлүмүнүн башчысы (1991–2004) болуп иштеген. «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүн» (1969, 1985) түзүүгө катышкан. «Эл адабияты» сериясына, «Кыргыз адабиятынын тарыхы» аттуу 7 томдон турган коллективдүү эмгекке бир катар ил. макалалары жарыяланган. 200дөн ашуун ил. эмгектин, а. и. «Алыкул Осмоновдун поэзиясынын тили» (1968), «Манас» эпосунун стили (1983), «Манасчы Жусуп Мамай» (1997) аттуу монографиялардын ж-а «Манас» эпосуна арналган эмгектердин автору.

КЫРГАК – жээк, бир нерсенин жээгине тартылуучу кооздолуп жасалган тасма; *элечек*, шөкүлө ж-а кеп такыянын сырткы курчоосу. Ар кыл эндүүлүктө кездемеден саймаланып, асемделет. К-ка алтын, күмүш, акак таштар чөгөрүлүп, элечекти кооздоо м-н анын жанып, чубалып кетишинен да сактайт. Ал асемделишине ж-а жердигине жараша алтын К., күмүш К., сайма К., оймо К., бермет же шуру К., жибек К., кымкап К. деп аталат. К-тын этегинде майда желбироочтөр болот.

КЫРГООЛ (Phasianus) – кыргоолдор тукумундагы куштар уруусу. Дене уз. 85 *см*ге жетет. Корозу кооз түстө, канаты жалтырак, бостеги саргыч боз. Канаты кыска, жазы; алыс уча ал-



байт, куйругу узун. Корозу бостегинен чоң, текоору бар. Башы көк жашыл, ак мойноктуу. К. Европада, Борб. Азияда таралган. Суу жээктеринде, бадалдуу токой, камыш арасында, күз, кыш мезгилинде топтошуп жашайт. Жерге уялап, 8–12 жумуртка тууйт. Жумурткасын 24–25 күндө бостеги басып чыгарат. Өсүмдүк уругу, момосу, бүрү, майда омурткасыздар ж. б. м-н азыктанат. Кырг-нда 2 түрү жашайт.

КЫРГООЛДОР (Phasianidae) – тоок сымалдар түркүмүндөгү көп түрдүү куштар тукуму. Аларга эң кичине бодонодон тартып, эң чоңу тооско (павлинге) чейинки илбээсиндер кирет. Дене уз. 13–190 *см*. Тумшугу жана шыйрагы жүнсүз, эркегинин текоору бар. Жакшы чуркайт, начар учат. 5–7 уруусу, 180дей түрү белгилүү. Алар Евразия, Америкада (уюл аймактарынан башка) ж-а Африкада таралган. Жерге уялап, 8–18 жумуртка тууйт, ургаачысы 24–25 күн басып, балапан чыгарат. Өсүмдүк уругу, мөмөсү, бүрү, курткумурскалар м-н азыктанат. КМШ өлкөлөрүндө 13 түрү таралган. Кырг-нда 2 түрү кезигет. Алардын 21 түрү ж-а 2 түрчөсү ТКЭСтин, 2 түрү КРдин Кызыл китебине катталган.

КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯ ОБЛУСУ (КАО) – *Түркстан АССРинин* курамындагы *Кара Кыргыз автономиялуу облусунун* 1925-ж. 25-майдан кийинки аталышы. 1926-ж-дын 1-февралынан *Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы* (КАССР) болуп аталып калган.

КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ (КАССР) – мурдагы *Кара Кыргыз* (14. 10. 1924–25. 5. 1925), *Кыргыз автономиялуу облусунун* 1926-ж. 1-февралдан 1936-жылга чейинки аталышы. КАО жетекчилигинин кайрылуусу эске алынып, ЗБАК тарабынан Кыргыз АССРи (РСФСРдин курамында) болуп өзгөрүлгөн (к. *Кыргыз Республикасы*). Кыргыз АССРи түзүлгөндөн кийин БАКтын Президиумунун төрагалыгына А. *Ооозбеков*, ЭКСтин төрагалыгына Ж. *Абдырахманов* шайланган.

Ад.: У истоков кыргызской национальной государственности. (Ред.: Т. К. Койчуев, В. М. Плоских, Т. У. Усубалиев). Б., 1996; Кыргызская государственность в XX веке (Документы, история, комментарии) / Сост. А. Джуманалиев. Б., 2003.

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ. Көркөм сөз өнөрү жаралыш өзгөчөлүгүнө жараша негизги эки чөйрө болуктөн турат: 1) элдик оозеки чыгармачылык, б. а. фольклор; 2) жазма адабият. «Адабият» түшүнүгү араб тилинен кирген «адеп» («адаб») сөзү м-н байланыштуу. Ал адамдарды жакшы мүнөз, жүрүм-турумга багыттоочу, турмуш сырларын түшүндүрүү максатында жаралган чыгарма деген маанини берет. Бул сөз айрым тилдердегидей [(мис., литература – literatura (тамга) деген латын сөзүнөн келип чыккан)] түздөн-түз «тамга», «жазуу» түшүнүктөрүнө байланышпагандыктан, азербайжан, казак, кыргыз, өзбек, татар, түркмөндөрдө элдик оозеки чыгармачылыкты үлгүлөрүн да көп учурларда эл ад-ты, калк ад-ты, оозеки ад-т деп аташат. Ошентсе да, «адабият» бүгүнкү күндө, негизинен, жазма адабий чыгармачылык түшүнүгүн берүүчү термин катары колдонулат. Бардык элдердегидей эле кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн алгачкы үлгүлөрү оозеки формада жаралып, өнүгүп калыптанган. Элдин дүйнө таанымын, ой-тилегин, максат-мүдөөлөрүн, асылдык, көркөмдүк ж-дегү түшүнүктөрүн чагылдырган көркөм сөз үлгүлөрү муундан муунга, ооздон оозго өтүп жашап келген. Нечен кылымдык карт тарыхында кыргыздардын оозеки, поэтикалык бай, санжыргалуу салттары калыптанган. Бабалардан калган баалуу сөз мурастарыбыздын ичинде эмгек ырлары («Оп майда», «Бекбекей», «Тон чык» ж. б.), ырым-дарым айтымдары («Дамбыр таш», «Козу телүү», «Аштык сепкендеги айтым», «Ашуу-келме», аластоо, бадик айтымдары ж. б.), каада-салт, арман, сүйүү, бешик ырлары сыяктуу чакан лирикалык жанрлардан тартып, «Манас» эпосу башында турган не бир керемет эпостор («Эр Төштүк», «Кожожаш», «Эр Табылды», «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Жаңыл Мырза» ж. б.), жөө жомоктор, миф, легенда, уламыштар, дастандар, дидактикалык жанрдагы макал-лакап, табышмак, жаңылмачтарга чейин бар. Тээ байыртан бери кыргыз эли «Манаска» өзгөчө орун берип, ыйык тутуп келген. Кыргыз эли «Манасты» улуттук-мамл. идеологиясы, кыргыз эли, кыргыз жери түшүнүгүнүн, кыргыз эли, кыргыз жери түшүнүгүнүн болүнгүс атрибуту, этика, укук, милдет эрежелеринин кодекси, дүйнө тааным билимдеринин жыйнак «китеби» катары түшүнүшкен. «Манас" жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн таалим алуучу роман-китептин, таасирдүү сахнанын ж-а экрандын, отконду эске салуучу тарых китебинин ролун аткарган» (Б. Юнусалиев). «Манас» эпосун эл оозунан жазып алуу жана 19-к-дын 2-жарымынан башталса да, бул улуу эпостун үчилтигин ырааттуу жазып алуу ж-а элдик оозеки чыг-лыктын үлгүлөрүн эл арасынан жыйноо иши Совет мезгилинде, т. а. 1922-жылдан колго алынган. Бүгүнкү күндө КР УИАнын Ч. Айтматов атн. Тил ж-а адабият ин-тунун Кол жазмалар фондусунда «Манас» эпосунун 80ден ашуун варианттарынын кол жазмасы сакталып турат. Фондудагы элдик оозеки чыг-лыктын үлгүлөрүнүн негизинде «Эл адабияты» сериясынын 30 тому жарык көрдү. Кыргыздар – тарыхта аты эң эрте белгилүү болгон Борб. Азиядагы эң байыркы элдердин бири. Кыргыздар 4–5-к-да орток түрк рун жазмаларын пайдаланышканы, 9-к-да «Улуу кыргыз державасы» деп аталган өз алдынча кыргыз кагандыгын түзгондүгү тарыхтан белгилүү. Кыргыз элинин жазма мад-тына тиешелүү көрүнүш катары 11-к-да жашап өткөн жердештерибиз М. *Кашгаринин* «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» ж-а Ж. *Баласагунунун* «Кут алчу билим» дидактикалык дастанын атоого болот. Кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн тарыхында акындар поэзиясынын – төкмө ырчылар м-н жазгыч акындардын чыг-лыгы айрыкча маанилүү. Акындар бир жагынан бекем салттагы элдик оозеки поэзиянын туруктуу өкүлү болсо, экинчи жагынан чыгармачыл активдүү инсан; жекече индивидуалдуу көрүнүш. Алар элдик поэтикалык салтты сактоочулар ж-а жайылтуучулар болуу м-н катар, аны жаңыча мазмун, жеке көркөмдүк табылгалар м-н байытуучулар да болуп эсептелишет. Окуу-жазуу заманына жетип, эл оозунан чогултулуп, замандаш же шакирт болгон соңку муундагы акындардын айтуусу м-н кагаз бетине түшүп, бүгүнкү күнгө жеткен материалдарга караганда төкмөлүк поэзия 19-к-дын 2-жарымы – 20-к-дын башында өзүнүн классикалык гүлдөө доорун башынан кечирип турган учур болсо керек. Буга далил катары санат-насыят, терме ырлардын; айтыштардын; күн, жер, аккан суу, шамал ж-дө натурфилос.; өмүр, өлүм, карылык, балалык ж-дө турмуштук филос., замана темасында социалдык-филос. ырлардын нечен түркүн керемет үлгүлөрүн *Калыгул, Арстанбек, Чоңду, Эсенаман, Токтогул, Калмырза, Эшмамбет* ж. б. у. с. акындар калтырышкан. 13–15-к-да жашап өткөн айрым акындар: *Кет Бука, Токтогул* ырчы, *Асан Кайгы* ж-дө ашыз кептерден башка дагы кандай акындар өткөн, эмне ж-дө ж-а ар кандай кайрыктарга салып ырдашкан – буга берилчү жооптор тарых барактарында белгисиз бойдон калды. 19-к-дын башында Кокон хандыгы кыргыз аймактарына ээ болгонунун жүргүзө баштагандан тартып, ал аймактарда диний мектептер, медреселер ачылып, сабаттуу адамдар пайда боло башталды. Мектеп, медреселерде жалаң эле диний адистер эмес, о. эле керек чыгармачылар, мис., Жайлообай, Навоинин, Бедилдин, Физулинин чыгармалары да окутулган. Кырг-ндын Россиянын курамына кирүүсү м-н мад-т багытындагы өзгөрүүлөр дагы тездетилген темпте жүрө баштаган. Буга мезгилде диний мектептер м-н катар кыргыз балдар да окуган орус-тузем мектептери ачылган. Сабаттуу адамдардын пайда болушу м-н кыргыз коомчулугунда казак, татар, өзбек, орус тилдеринде чыккан китептер, гезит-журналдар, кол китептер кеңири тарап баштаган. Сабаты ачылган, чыг-лык ишмер адамдар өз чыг-лыгын жазма түрүнө салууга аракет кыла башташкан. Жазгыч акындардын өкүлдөрү: Молдо Нияз, Нурмолдо, *Молдо Кылыч, Тоголок Молдо*, Ысак Ишбаевич ж. б. Жазгыч акындардын ичинен 1911-ж. Молдо Кылычтын жер титирөө ж-дө жазган «Кыйса ил зилзала» аттуу чыгармасы 1911-ж. Казандан китеп болуп басылып чыккан. Ал – кыргыз ад-тындагы басмадан чыккан эң алгачкы китеп. Кийин 1925-ж. Москвадан улуу эле акындын «Тамсилдер» деген атаандагы экинчи китеби жарык көргөн. Ага «Капаттуулар», «Бүркүттүн тою», «Буудайык» деген казалдар кирген. Бардык учурда, бардык адамдар тарабынан колдоого алынуучу акыйкаттарга негизденген фольклордук (коллективдүү) чыг-лыктан айырмаланып, акындар поэзиясында, өзгөчө жазгыч акындардын чыгармаларында субъективдүү жеке сезимдер, индивидуал көркөм ойлом элементтери орун ала баштаган. Улуттук көркөм сөз өнөрү нагыз жазма

ад-ттын өнүгүү жолуна чындап 20-к-дын 20-жылдарында гана түшө алды. Совет өкмөтү өзүнүн мамл.-идеол. мүдөөлөрүнө ылайык билим берүү, басма иштерин жолго коё баштады. Мезгил талабына ылайык жаңы нуктагы жазма ад-ттын алгачкы өкүлдөрүнүн алгачкы чыгармалары жарык көрдү. Кыргыз тилиндеги биринчи гезит «Эркин Тоо» 1924-ж. 7-ноябрда араб графикасында жарык көргөн. Бул кыргыздын биринчи гезитинин биринчи санына А. *Токомбаевдин* «Октябрдын келген кези» аттуу ыры жарыяланган. 1918–24-ж. аралыгында казак, татар тилдеринде чыгуучу «Көмек», «Тилши», «Ушкын», «Өрис», «Ак жол», «Шуро» гезиттеринде «Шолпан», «Жас кайрат», «Аел теңдиги» журналдарында С. Карачев, К. Тыныстанов, Ж. Түлөгабылов, О. Лепесов, З. Лепесова, М. Максүтов, М. Байчериков, К. Маликов, К. Баязыков, Б. Калпаков сыяктуу кыргыз жаштарынын ыр, аңгеме, кабарлары ошол гезит-журналдардын тилинде же накта эле кыргыз тилинде жарык көрүп турган. Аталган ысымдардын ичинен жаңы типтеги жазма кыргыз ад-тынын жаралышына өзгөчө салым кошкондор Сыдык Карачев (1900–37) м-н Касым Тыныстанов (1901–37) болгон. Эне тилинде басма сөз органдары жоктугунан Совет бийлигинин алгачкы жылдарында С. *Карачев* көбүнесе татарча, К. *Тыныстанов* казакча жазышкан. Булар – кыргыз адтында чыгарма жаратып, улуттук жазма прозага да, поэзияга да, драматургияга да алгач бороз салгандар. 1918-жылдан 1924-ж. чейин мезгилдүү басылмаларда С. Карачевдин отузга жакын ыры, бир нече аңгемелери, көп сандаган публ. макалалары жарык көргөн. Басма иши жолго коюла элек 1924–30-ж. улуттук тилде биринчи кыргыз гезитинин жарык көрүшүнө, анын үзгүлтүксүз чыгып турушуна, андагы материалдардын кат-сабаты жаңы ачылган карапайым журтчулукка жеткиликтүү болушуна ж-а улуттук журналистиканын калыптанышына С. Карачев зор эмгек сиңирген. Анын «Үйлөнүүдөн качты», «Сүйгөнүнө кошула албады», «Армандуу эки жаш», «Ысык-Көл боюнда», «Алданган нур кызы», «Күкүк менен Зейнеп» деген туңгуч прозалык чыгармалары 1919–20-жылдардагы «Көмек» гезитинин сандарында жарыяланган. 20-жылдардагы кыргыз ад-тын изилдеген адабиятчы С. Жигитов С. Карачевдин 1926–27-ж. жазылган «Эрксиз күндөрдө» повести тууралуу: «Кыргыз прозасында турмуш акыйкатын реалисттик планда чагылдыруу, каармандардын образдарын жандуу кылып жасап чыгуу, турмуш ж-а табият көрүнүштөрүн таамай көркөм деталдар аркылуу сүрөттөп берүү ыкмаларынын иштелип чыгышын изилдегенде «Эрксиз күндөрдө» эң кызыктуу фактылар берип, маанилүү теор. жалпылоолор чыгарыш үчүн жем таштай алат»,– деген. Басмадан жарык көргөн алгачкы драмалык чыгарманын тексти да С. Карачевдин калемине таандык. С. Карачевдин «Теңдик жолунда» драмасы 1928-ж., «Төрага Зейнеп» драмасы 1929-ж. жарык көргөн. Ал эми кыргыз драматургиясынын ж-а улуттук театр өнөрүнүн төл башы чыгармаларынын бири катары аталып жүргөн М. Токобаевдин «Кайгылуу Какей» пьесасы 1927-ж. сахнага театр коллективинин оңдоолору м-н коюлуп, кийин автор ал оңдоолорду эске алып, алымча-кошумчаларды киргизип, кайрадан жазып чыккан. Пьесанын тексти 1938-ж. басмадан жарык көргөн. Кыргыздын жазма профессионалдык адтынын пайдубалынын түптөлүшүнө өзгөчө салым кошкон кыргыздын таланттуу уулу, акын, прозада, драматургияда да калем сынаган жазуучу, коомдук ишмер, агартуучу, кыргыз тил илимине негиз салган окумуштуу К. Тыныстанов болгон. К. Тыныстановдун 1919–24-ж. чыккан поэзиялык туундулары анын «Касым ырлар жыйнагынан» (Москва, 1925) орун алган. Жыйнакта казакча 12, кыргызча 21 ыр ж-а «Жаңыл Мырза» поэмасы орун алган. К. Тыныстанов – «Мариям менен көл жээгинде» (1924) аттуу көлөмдүү аңгеменин ж-а 1930-жылдардын башында кыргыз драмалык театрында коюлган «Академиялык кечелер» аттуу спектаклдер сериясындагы орчундуу драмалык сценкалардын автору. Кыргыз жазма профессионалдык адтынын пайдубалын түптөгөн 20-жылдардын көрүнүктүү калемгерлери С. Карачевге, К. Тыныстановго, кыргыздын туңгуч адабий сынчысы Т. *Жолдошевге* чыгармаларында Совет мамлекетинин идеологиясына жат элементтер бар деген күнөө тагылып, 30-жылдардагы кандуу репрессиянын курмандыгы болушкан. Кыргыз басма сөзүнүн туңгучтары «Эркин Тоо», «Ленинчил жаш» гезиттери, «Коммунист», «Жаңы маданият жолунда» журналдары өздөрүнүн биринчи санынан баштап ыр, жанытма түрүндөгү материалдарга кеңири орун берген. Улуттук басылманын жаралышы м-н акындык өнөргө талпынгандардын арасынан А. Токомбаев (1904–88), М. Токобаев (1905–74), М. Элебаев (1904–43), Ж. Жамгырчиев (1906–44), Б. Кененсариев (1896–64) өздөрүнүн чыг-лык активдүүлүгү м-н алдыга бөлүнүп чыгышкан. Бул жылдардагы поэзияда басымдуу көңүл коюлган темалар Октябрь рев-ясынын жеңиши, Совет мамлекетинин саясатынын адилеттүүлүгү, Ленин, коллективдештирүү темасы, аялдар азаттыгы ж-а окуу, билимге умтулуу болгон. 20-жылдардын ад-тынын ичинде көпчүлүккө кеңири таанымал чыгарма – К. *Баялиновдун* «Ажар» повести. Бул повестте 1916-жылдагы көтөрүлүш учурундагы ж-а көтөрүлүштөн кийинки кыргыздардын тарткан азап-тозогунун реалдуу көрүнүшү таасирлүү эмоциялык-экспрессиялык деңгээлде чагылдырылган. Ушул жылдар жаңы типтеги улуттук

жазма ад-тыбыздын пайда болуу, жаралуу мезгили болсо, 1930–40-жылдар кыргыз ад-тынын калыптануу жылдары деп эсептелет. 30-жылдардын поэзиясында А. Токомбаев, М. Элебаев, Т. Үмөталиев, Ж. *Турусбеков*, Ж. *Бөкөнбаев*, К. Маликовдордун чыг-лыгы өзгөчө бөлүнүп көрүнөт. Кыргыз ад-тында көркөм прозанын жаралышы ж-а өнүгүшү жаңы турмушту, жаңы социалдык-маданий өзгөрүштөрдү ар тараптан кеңири ж-а реалдуу сүрөттөө муктаждыктары м-н шартталды. Кыргыз жазуучуларынын алдында жаңы жанр, жаңы формаларды өздөштүрүү, жаңы көркөм формаларды ачуу милдети турду. Кыргыз көркөм прозасын калыптандырууда А. Токомбаев («Жапардын каны», «Биз балапан кездерде», «Днестр терең деңизге куят», «Мезгил учат»), М. Элебаев («Китеп издегенде», «Бороондуу күнү», «Узак жол»), К. Маликов («Азаматтар»), К. Жантошев («Каныбек»), Т. Сыдыкбеков («Кең-Суу») сыяктуу жазуучуларыбыз зор салым кошту. 30-жылдардын ири жетишкендиги катары белгиленчү нерсе – бул көркөм ад-ттагы татаал жанр – роман жанрынын колго алынышы болду. 30-жылдардын ортосунда М. Элебаев «Узак жол», К. *Жантөшев* «Каныбек», Т. *Сыдыкбеков* «Кең-Суу», А. Токомбаев «Кандуу жылдар» романын жазууга киришип, окурмандарга алгачкы кыргыз романдары тартууланды. А. Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романынын биринчи бөлүгү 1935-ж. жарыкка чыккан. Аталган үч калемгерден айырмаланып, А. Токомбаев романын ыр м-н жазган. «Кандуу жылдардын» кийинки бөлүктөрү 1937-, 1940-, 1947-ж. жарыяланган. Кыргыз элинин тарыхындагы зор трагедия – 1916-жылдагы геноцид окуялары чагылдырылган бул чыгарма идеялык олуттуу катачылыктары бар чыгарма катары сынга кабылган. Роман кайрадан иштелип, «идеялык каталардан» арылтылып, 1962-ж. «Таң алдында» деген ат м-н жарыяланган. Коллективдештирүү окуялары чагылдырылган Т. Сыдыкбековдун «Кең-Суу» романы да идеол. мүчүлүштөн куру эмес чыгарма катары бааланган. Бул роман да кайрадан жазылып, «Тоо арасында» деген ат м-н жарык көргөн. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында кыргыз ад-тында мекенди фашисттик баскынчылардан коргоо үчүн элдин патриоттук сезимин көтөрүүгө багытталган поэзия, проза, драмалык чыгармалар жаралган. 40-жылдардагы кыргыз ад-тынын кыйырынан жаркырап жанган жарык – бул Алыкул *Осмоновдун* поэзиясы. Алыкул – калктын рухий дүйнөсүндө дайым жашап, окурмандарды поэзиянын керемет касиети м-н тамшандырып, түбөлүк өмүр сүрө алчу өлбөс поэзия жараткан акын. Акындын 1945-ж. басмадан жарык көргөн төртүнчү жыйнагы «Махабат» – кыргыз ад-тында улуттук поэзиянын жаңы этабы башталгандыгын белгилөөчү факт. Осмоновдун чыг-лыгы кыргыз жазма поэзиясындагы жаңы көрүнүш экендигин анын тирүү кезинде эле айрым калемдештери, т. а. Ясыр Шиваза, Кайсын Кулиев, Темиркул Үмөталиевдер айтып чыгышкан. Анын оригиналдуу жаңычыл, чоң арыштуу сүрөткер экенин ил. багытта ачып көрсөткөн адабиятчы окумуштуулар Ш. Үмөталиев, Р. Кыдырбаева, С. Жигитов ж. б. болгон. Кыргыз поэзиясына согуштан кийин, 50–60-жылдары келгендердин арасында айтылуу акыныбыздан тике же кыйыр таасир албагандар, анын көркөм тажрыйбасынан азыктанбагандар дээрлик жокко эсе.

Согуш мезгилинде ад-тыбызда К. Жантөшевдин «Курманбек», К. Маликов м-н А. Куттубаевдин «Жаңыл», Т. Сыдыкбеков м-н К. Рахматуллиндин «Манас менен Алмамбет» драмалары, А. Токомбаев м-н К. Маликовдун «Сейтек» либреттолору сыяктуу чыгармалар жаралды. Бул чыгармалар согуш мезгилинде элдин патриоттук ой-сезимин ойготууда маанилүү роль ойногон. Албетте, жогорудагы пьеса, либреттолордун бардыгынын эле көркөмдүк санаты бир кылка эмес. Айрым чыгармалардагы эн негизги кемчилик – бул драма же либретто ак санатай ж-а кара санатай күчтөрдүн, жамандык м-н жакшылыктын кеңири карама-каршылыгына негизделип курулганда, сюжет чыныгы драмалык конфликттик деңгээлде көтөрүлө албагандыгында, образдардын статикалуулугунда. Эпостук сюжеттен алынып жазылган драмалардын ичинен «Курманбек», «Жаңыл» пьесалары гана кыргыз сахнасында жашоосун уланта алды. Согуштан кийинки мезгил, дегеле, бүтүндөй совет ад-ты үчүн абдан кыйын ж-а татаал мезгил болгон. Бул жылдары көркөм ад-тта кеңири жайылган конфликтсиздик теориясы айрыкча драматургияга тарс таасирин тийгизген. Бул теория антагонисттик таптар жоюлган сов. коомдун социалдык-саясий биримдигинин, коллективдештирүүнүн шартында карама-каршылыктын болушу мүмкүн эмес деген жобого таянган. 50-жылдардын башында чыгармачыл интеллигенция тарабынан бул теориянын жаңылыштыгы сынга алынып, жокко чыгарылган. Дал ушундан кырдаалда Т. *Абдумомуновдун* «Тар канчыгай», «Атабектин кызы», «Ашырбай» пьесаларынын жарыкка келиши улуттук драматургияда жаңы көркөмдүк жылыштардын, маанилүү өзгөрүүлөрдүн башталгандыгын айгинеледе. Конфликтсиздик «теориясы» үстөмдүк кылган жылдарда көркөм ад-тта орун алган штамп, канондордун бузулушу дал ушул чыгармалардын сахнага чыгышы м-н башталган. Т. Абдумомуновдун 50-жылдардагы жеке инсандардын ички дүйнөсүн чагылдырууда жетишкен идеялык-көркөмдүк өрнөктүү үлгүлөрү, көркөм психологизмди өздөштүрүүдөгү ийгиликтери драматургдар М. *Байжиев*, Б. *Жакиев*, акын ж-а

драматургдар Ж. *Садыков*, Ш. Садыбакасов ж. б. тарабынан улантылды.

Согуштан кийинки жылдарда кыргыз ад-тында проза басымдуу орун ээлей баштады. К. Баялиновдун «Бакыт» («Көл боюнда» повести), Т. Сыдыкбековдун «Тоо балдары» романы, Н. *Байтемировдун* «Салтанат», «Жаш жүректер», «Акыркы ок» романдары, С. Сасыкбаевдин «Түпкүрдөгү нур» ж. б. көптөгөн чыгармалары окурмандардын колуна тийди.

20-к-дын 50–60-жылдары улуттук ад-тыбыздагы өнүгүүнүн жаңы этабы башталган, жетилүү мезгили катары бааланат. Коомдук ан-сезимдин бир формасы катары эсептелген ад-тка коомдо жүргөн, саясий, социалдык өзгөрүүлөр өз таасирин тийгизген. 50-жылдардагы жеке адамга сыйынуучулукту сынга алган, репрессиялар маселесин козгогон КПССтин 1953-жылдагы Июль пленуму, 1956-жылдагы 20-съездинин, 1962-жылдагы 22-съездинин чечимдери эстетикалык-көркөм ойдун арымына да чоң шыкак берди. Адабий сын активдешти. Белгилүү сатириктер Р. *Шүкүрбеков*, М. *Алыбаевдер* жараткан ар бир сатиралык чыгарма чагылгандай тездик м-н эл арасына кеңири тарап турду. Өндүрүшчү же саясий пропагандалык агитациялык темага жашынган, көркөмдүк наркы төмөн чыгармалар сынга алына баштады. Эл аралык чыг-лык байланыштар жакшырды. Чет өлкөлүк жазуучулар СССРге, биздин жазуучулар чет өлкөлөрго каттай баштады. Ч. *Айтматов* 50-жылдардын акыры 60-жылдардын башында ад-тка келген муунга «жаңы адабияттык генерация» деп аныктама берип, алардын чыг-лыгын «улуттук традициянын дүйнөлүк мад-т м-н татаал айкалыш процессинде» өнүгүп жаткандыгын таасын белгилеп өткөн. Ч. Айтматов ад-т майданына 50-жылдардын биринчи жарымында келип, «Ак жаан» баштаган айрым чакан аңгемелерди жарыялаган. 1955-ж. жарык көргөн анын «Түнкү сугат», «Асма көпүрө» аттуу аңгемелери Ч. Айтматовдун ысмын окурмандар арасында белгилүү кылды. Бул чыгармалардан сентенциялуулуктун кээ бир эпкини сезилип турганы м-н, алардан автордун психол. анализге шыктуу экендиги, драматизмди чегине жеткире чагылдыра ала тургандыгы байкалды. 1957-ж. жазылган «Бетме-бет» повести учурунда эле «кыргыз ад-тындагы жаңы сөз» (К. Асаналиев) катары бааланган. Ал эми анын «Жамийла» повести кыргыз ад-тын дүйнөлүк аренага чыгарган алгачкы чыгарма болуп калды. 50–60-жылдары кыргыз адты К. Каимов, А. *Жакыпбеков*, М. Байжиев, М. *Гапаров*, Т. *Касымбеков*, А. Саспаев, К. *Жусупов*, С. Эралиев, С. *Жусуев*, Ж. Садыков, Б. *Сарногоев*, Р. *Рыскулов*, О. *Султанов*, Э. *Турсунов*, Т. *Кожомбердиев* ж. б. көптөгөн акын-жазуучулар м-н толукталды. Кийинки жылдары Ж. *Мамытов*, М. *Абылкасымова*, Т. Муканов, Т. Эргешов, Т. Самудинов, А. *Жакшылыков*, Б. Сартов, К. Алмазбеков, А. *Өмүрканов*, А. Токтогулов, С. Акматбекова, А. Рыскулов ж. б. көп сандаган жаш акындар окурман журтчулугуна кеңири тааныла алышты. 60–80-жылдары кыргыз көркөм көтормо өнөрүнүн, о. эле кыргыз адабий сынынын ж-а ад-т таануу илиминин күрдөөлдүү өнүккөн жылдары болду. Кыргыз мамлекети эгемендүү өнүгүү жолуна түшкөн мезгилден бери акын, жазуучу, драматургдарыбыз заман талабына шайкеш чыгарма жаратуу аракетинде эмгектенишүүдө. Кыргыз ад-ты өткөн доордун көркөм мурастарына, санжыргалуу бай поэтикалык салттарына таянуу м-н мындан аркы өмүр сүрүүсүн уланта бермекчи.

Ад.: Кыргыз совет прозасынын очерки. 1-болүм. Ф., 1957; *Асаналиев К.* Кыргыз совет прозасынын очерки. 2-болүм. Ф., 1960; Краткая литературная энциклопедия. М., 1978; История всемирной литературы. М., 1983; *Жигитов С.* 20-жылдардагы кыргыз адабияты. Ф., 1984; Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. Ф., 1991; Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 1-том. Ф., 1987; Кыргыз адабиятынын тарыхы. 6–7-томдор. Б., 2002; *Артыкбаев К.* XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. Б., 2004.

А. Кадырмамбетова.

«КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ» – кыргыз ад-тынын тарыхына арналган 7 томдон турган фундаменталдуу эмгек. КР УИАнын азыркы Ч. Айтматов атн. Тил ж-а ад-т институнда даярдалып (А. Акматалиевдин жалпы редакциясы алдында) жарык көргөн (2003). КРдин илим ж-а техника жаатындагы мамл. сыйлыгына татыктуу болгон (2004). Бул эмгекте кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн өнүгүш тарыхы, табияты туурасында кеңири хронологиялык-эволюциялык мүнөздөгү системалуу ж-а комплекстүү иликтөөлөр камтылат. Анда алгач өнүгүүнүн төмөнкү баскычтарында анимисттик-тотемдик түшүнүктөргө байланыштуу өнүккөн, созеки чыг-лыктын бир бутагы болгон кыргыздын ырым-жырым, дарым, эмгек ырларынан тартып бүгүнкү дүйнөлүк ад-т м-н канатташ шартта жогорку көркөмдүк-профессионализм деңгээлинде жазылган романдарга чейинки өнүгүш процессинин мыйзам ченемдүүлүктөрүнө, жанрдык түрлөрүнө, конкреттүү чыгармаларга ж-а чыгармачыл инсандардын чыг-лык ишмердигине адабий-ил. анализ берилген. Бука чейин жазылган ад-т тарыхтарында, ад-т таануу, фольклористика илиминде совет учурунда жаралган профессионалдык жазма ад-ттын үлгүлөрүн эле эмес, байыртан муундан-муунга мурас болуп өтүп келген элдик оозеки чыгармаларды баалоодо да коомдук саясий чектоолорго ылайык алардын көркомдүк наркы, жалпы адамзаттык маанисин ачып берүүдөн мурун аларга парт. өнүттөн баа берүү үстөмдүк кылган. Бул жолку ад-т тарыхын жазууда фольклор, байыркы ж-а кол жазма ад-тыбыздын көптөгөн проблемалары



Кыргыз адабиятынын тарыхы. 2004.

көмүскөдөн чыгарылган. Мурда тескери баа алып келген чыгармаларга, о. эле үзүл-кесил изилденгендерге ж-а жаңы таптакыр эле изилденбеген «сырдуу сандыкча» салынып, кулпуланган материалдарга, ысымдарга биринчи жолу объективдүү баа берилип, олуттуу толуктоолор болду. Жети томдуктун 1-тому «Оозеки чыгармачылыктын жанрлары» деп аталып, анда элдик оозеки чыг-лыктын эпикалык, лирикалык, дидактикалык жанрдагы чыгармалары кеңири талданган. Академиянын Кол жазмалар фондусундагы мурда изилдөөчүлөр сөз кылууга, мисал келтирүүгө батынбаган материалдар да изилдоо объектисине тартылып, кеңири маалыматтар берилген. Бул томдогу «Каада-салт ырлары», «Үйлөнүү үлпөт ырлары», «Кошоктор», «Сүйүү ырлары», «Диний ырлар», «Тарыхый ырлар» сыяктуу болүмдөр элдин менталитети, тарыхы, этнографиясы, психологиясы, педагогикасы м-н комплекстүү түрдө эриш-аркак каралган. 2-том – «Манас ж-а манасчылар» деп аталат. Буга «Манас» эпосу, «Семетей» эпосу, «Сейтек» эпосу, «Манасчылар», «Манас» эпосун жыйноо, бастыруу, изилдоо маселелери, «Мезгилдер, муундар, манасчы» деген темадагы изилдоолор, эпостун негизинде «Жети осуяттын» маани-маңызын талдаган макала ж-а жыйырма эки манасчы, семетейчилердин портрети кирген. «Манас» үчилтигин айтуучулардын ж-а жаратуучулардын хронол. тартипте тизмектелип берилиши – улуу мурасыбыздын осуплип берилиши – улуу мурасыбыздын осуп-онугүүсүнүн таасир, таалим алуу процесстеринин картинасын даана элестетет; чыг-лык озгочолүктөрү, жалпылыктары ачылат. 3-том – «Кенже эпостор жана элдик поэмалар» деп аталат. Элибиз «Манас» үчилтигинен тышкары да ар түрдүү тематикадагы эпикалык чыгармаларга бай. Бул томдун негизги ил. озгочолугү – бизге белгилүү болгон «*Кожожаш*», «*Эр Тоштук*», «*Курманбек*», «*Олжобай менен Кишимжан*», «*Жакыл Мырза*», «*Жаныш-Байыш*» сыяктуу кенже эпосторубуз бир эле варианты эмес, бир нече вариантар салыштырылып анализденгендигинде; ошону м-н бирге мурда созго алынбаган Балбай, Шабдан ж. б. тарыхый инсандарга арналган чыгармалардын да варианттары эске алынгандыгында, о. эле Чыгыш элдеринин дастандары да кеңири тарап, таланттуу акындарыбыз өзүбүздүн улуттук өзгочолүктөрдү эске алуу м-н жаратышкан варианттарынын да орун алгандыгында. Өзгочо, кенже эпостордун ж-а элдик поэмалардын көркөмдүк өзгочолүгү алардын жаралыш дооруна, тарыхый инсандарга байланыштуу кызыктуу ил. пикирлер да берилген. 4-том – «Байыркы орток жана кол жазма адабияты» деп аталат. Мында жазма мад-тыбыздын тарыхы көп кылымдарга нары жылдырылып, кыргыз элине тиешеси жок деп саналып келген авторлор м-н чыгармалар – Ж. Баласагуни, М. Кашгари, Бабур ж. б. чыгармалары кыргыз элине канчалык деңгээлде тиешеси бар экендиги, Орхон-Енисей жазма булактарынын адабий аспектилери алгачкы жолу мол материалдардын негизинде ынанымдуу, системалуу анализденген. Ал эми Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо өндүү жазгыч акындар портреттеринин улай берилиши – жазма ад-тыбыздын эволюциясын көрсөтөт. 4-томдун жаңычылдыгы жазма ад-тыбыздын жанрлардын кеңейтилиши, токмо ырчылар м-н жазган акындарды бирге эмес, алардын өзүнчөлүктөрү көрүнөө айырмачылыкты берген[дигин] м-н мүнөздөлөт. 5-том – «Эл ырчылары» деп аталат. Акындык поэзия бизде эң күчтүү өнүккөн. Бирок акындыгияның кесепетинен акындардын өз чыгармачылыгы өз карааш м-н карап, «реакциячыл», «бай жанрчыл» ж-а «демократтар» деп бири-бирине каршы-каршы коюлуп келген. Бул көрсөтмөгө ылайык таануу-ланган жаңылыш «Тарыхтагы» бардыгынан гана ар бир токмо ырчынын өзүнө таандык поэтикалык ботончолуктарын, өзүнө гана тагдыры, филос. ой жүгүртүүсү (буудай, бурмаланбай, үзүлбөй, кеңири чагылдырылган. Легендарлуу ырчылар – Токтогул ырысы, Көт Бука, Асан Кайгыдан тартып, бүгүнкү күнгө чейинки таланттардын чыгармачылыгы объективдүү өз баасын алып отурат. Калыгул, Арсланбек, Боогачы, Казыбек ж. б. таланттардын чыг-лыгы социалдык-саясий, филос.-нравалык проблемалары чечмеленет. 6-том – «20-кылымдагы адабияты (20–60-жылдар)» деп аталат. Кыргыз профессионалдык жазма ад-тынын тарыхындагы жаңы ысымдар – К. Тыныстанов, Ү. Карачев, О. Лепесов, Б. Кененсариев ж. б. ачылган. Булардан тышкары 30дан ашуун акын-жазуучулардын чыг-лык портреттери киргизилип, алардын чыгармалары социалисттик реализмдин, партиялуулук принцибинин алкагынан эркин талданган, кыргыз жазма ад-тын өнүктүрүүдө ээлеген орундары, салымдары аныкталат. Сов. турмуштун алардын чыг-лыгында, жалпы эле улуттук профессионалдык жазма ад-тыбыздын калыптанышында аткарган маанилүү ролу ж-а ошол эле учурда идеологияга, саясатка байланыштуу жаңылыштык-

тар, аша чабуулар да болгондугу объективдүү айтылган. 7-том – «20-кылымдын адабияты (60–80-жылдар)» деп аталат. Бул том бекеринен Ч. Айтматовдун чыг-лык портрети м-н ачылбайт. Анткени, кыргыз ад-тынын жаңы көркөм-эстетикалык баскычка көтөрүлүшү ушул ысым м-н тыгыз байланышта. Анын чыг-лык ад-ттын бардык жанрында калем кармаган жаштарга өз таасирин тийгизип, жаңыча изденүү, умтулуу күч алган. Натыйжада Ө. Даникеев, М. Гапаров, К. Осмоналиев, К. Жусубалиев, А. Саспаев, О. Султанов, Б. Жакиев, М. Байжиев, К. Акматов, К. Жусупов, Т. Кожомбердиев, Ж. Мамытов кыргыз окурмандарын гана эмес, союздук окурмандарды тамшанткан, көркөмдүк деңгээли жогорку чыгармаларды жаратышкан. Ад-тыбыздын «жаңы генерациясы» деп айтылган бул муун биринчи жолу «Кыргыз адабиятынын тарыхынан» портреттик планда татыктуу орун алды. 2012-ж. бул томдукка «Кыргыз адабият таануу илими» деген 2 том кошулуп, «Кыргыз адабиятынын тарыхы» деген ат м-н 9 томдук чыкты.

КЫРГЫЗ АКАДЕМИЯЛЫК КАМЕРАЛЫК ХОРУ – 1974-ж. Кыргыз ССР Телерадиокомитетинин алдында Министрлер Советинин чечими м-н уюшулган. Алгачкы жетекчиси К. *Алиев*. Хордун репертуары жерг. ж-а чет өлкөлүк композиторлордун (В. Моцарт, Ж. Верди, С. Танеев, С. Рахманинов, М. Абдраев, К. Молдобасанов, Н. Давлесов, С. Юсупов ж. б.) классикалык чы-



Кыргыз академиялык камералык хору. 2010-ж.

гармаларынан (хорлор, кантаталар, реквиемдер) түзүлгөн. Коомдук телерадиокорпорациясынын алтын казынасында хордун аткаруусунда 500дөн ашык чыгарма бар. Хор конкурстарга, фестивалдарга катышып турат. Кыргыз элинин классик композиторлору А. *Малдыбаев*, М. *Абдраев*, К. *Молдобасанов*, Н. *Давлесов*, А. *Жаныбеков*, С. *Осмонов*, Э. *Жумабаев*, А. Жээнбаев, С. Айтикеев ж. б-дын чыгармалары; элдик ырлар ж-а М. Баетов, А. Огомбаев, Ж. *Шералиев*, Р. *Абдыкадыров*, А. *Атабаев*, К. *Тагаев* ж. б. обончулардын үлгүлүү ырлары хор ж-а а`капелла үчүн иштелип чыккан. Хордо жогорку квалификациялуу В. Базылбекова, К. Исмаилова, З. Тоялиева, О. Жапаров, Ч. Дүйшоналиев, С. Урманбетова, Б. Ыбыкеев сыяктуу ырчылар эмгектенишет. Камералык хор Ленин комсомолу сыйлыгынын (1978), Казакстанда өткөн хор искусствосу б-ча эл аралык конкурстун (2007) лауреаты. 2008-жылдан азыркы КРдин Мад-т ж-а туризм министрлигине караштуу. Жетекчилери: В. Д. Гумбин (1976–91, 1999–2001), К. Нурматов (1992–94), кыргыз аялдарынан чыккан тунгуч дирижёр Г. Маматова 2001-жылдан.

КЫРГЫЗ АКАДЕМИЯЛЫК СИМФОНИЯЛЫК ОРКЕСТРИ А. Жумакматов атн. – муз. коллектив. 1969-ж. башында алгач 28 музыканттан турган камералык оркестр түзүлгөн, 1969-жылдын декабрында Кыргыз ССР телерадиокомитетинин алдында Министрлер Советинин чечими м-н курамы 46 музыканттан турган симф. оркестр уюшулган. Көркөм жетекчиси ж-а башкы дирижёру А. *Жумакматов* (2008-ж. чейин) болгон. 1970-жылдын 9-февралында оркестрдин тушоо кесүү концерти өткөрүлүп, комп. М. Абдраев, К. Молдобасанов, А. Жаныбеков, М. Бурштин, А. Мурзабаев ж. б-дын чыгармалары аткарылган. Оркестр кыргыз обончуларынын, композиторлорунун ырларынан тартып, көлөмдүү симф. чыгармаларга чейин КР телерадиокорпорациясынын алтын казынасына жаздырган. Азыркы күндө оркестр КМШ өлкөлөрүндөгү мыкты оркестрлердин катарында. Оркестрдин коштоосунда кыргыздын атактуу ырчылары гана эмес, СССР эл арт. Е. Образцова, Е. Нестеренко, И. Архипова, Т. Куузик ж. б. да ырдашкан, белгилүү дирижёрлор Е. Светланов, А. Журайтис, Б. Хайкин, Ю. Домаркос, Ю. Темирканов ж. б. дирижёрлук кылган ж-а А. Хохлов, И. Машкевич, А. Георгиев, Ж. Каныметов, Н. Рысалиев, Р. Осмоналиев ж. б. музыканттар да иштешкен. 2004-ж. оркестрге А. Жумакматовдун ысмы берилген. 2008-жылдан азыркы КР Мад-т ж-а туризм министрлигине караштуу, башкы дирижёру – Р. Осмоналиев.

КЫРГЫЗ АЛА-ТООСУ – Түн. Тенир-Тоодогу ири кырка тоо. Ысык-Көлдүн батышындагы Кыргыз-Омпол тоосунан Тараз ш-на (Казакстан) чейин кендик багытта созулуп жаткан ири ж-а таттаал мегантиклиналь. Чүй ойдунун Талас, Суусамыр, Кочкор ойдундарынан бөлөт. Уз. 454 *км*, эң жазы жери 40 *км*. Орт. бийикт. 3700 *м*, эң бийик жери 4895 *м (Аламүдүн чокусу)*. Чыгыш тарабында чокулары 4000 *м*ден жогору. Түш. капталынан Тоо-Ашуунун тушунда Талас Ала-Тоосу, Ысык-Ата ашуусунун тушунда Кара-Мойнок тоосу айрылат. Суу бөлгүч кыры аскалуу, чокулары шуштугуй пирамида сымал, альп тибиндеги рельеф мүнөздүү. Капталдары асимметриялык түзүлүштө: түш. капталдары кыска, түндүгү жазы, айрым айрыктары 30 *км*ге жетет. Түн.



Кыргыз Ала-Тоосундагы Нооус мөңгүсү. Алдынкы планда морена шилендиси.

капталынын чыгыш бөлүгүндө адырлар (же болтоктор, бийикт. 2000 *м*ге чейин), батыш бөлүгүндө денудациялык жайык беттер бар. Эки капталында тең капчыгай-өрөөн көп. Ирилери: Ашмара, Чоң Кайынды, Кара-Балта, Ак-Суу, Сокулук, Ала-Арча, Аламүдүн, Ысык-Ата, Кегети, Шамшы, Батыш Ак-Буура, Чыгыш Каракол ж. б. К. А.-Т. рельефинин түзүлүшү б-ча бийик, орто бийик, жапыз тоолорго бөлүнөт. Бийик тоолорго (2500 *м*ден жогору) байыркы мөңгүлөрдүн издери ж-а азыркы мөңгүлөр, цирктер, төрлөр, тепши сымал капчыгайлар, аскалуу зоолор, орто бийиктеги тоолорго (2000–3000 *м*) кенен капчыгайлар, кууш кырлар, жапыз тоолорго тегизделген денудациялык жондор, шиленди толгон таманы кенен өрөөндөр мүнөздүү. Чыгыш бөлүгүндө чакан тектон. ойдундар (Желаргы, Окторкой, Кок-Жар-Суу ж. б.) кездешет. Адырлары кокту-колоттуу, жондору жайык чоң дарыя өрөөндөрү м-н айрым бөлектерге бөлүнүп турат.

К. А.-Т. – геол. түзүлүшү б-ча мегантиклиналь. Тектон. жаракалар аркылуу түндүгүндө Чүй мегасинклиналынан, түштүгүндө Талас, Суусамыр ж-а Кочкор синклиналдык түзүлүштөрүнөн бөлүнүп турат. Эң байыркы (кембрийге чейинки) метаморфизмделген кристаллдуу сланец, кварцит, гнейс тоо тектери К. А.-Т-нун фундаментин түзүп жатат. Анын үстүндө бурчтук келишпестик м-н каледондун синклиналдык структуралык кабатынын жанартоо ж-а чөкмө тоо тектерден турган калың катмарлары орун алган. Эпикаледондун структуралык кабаты (девон-пермдин) порфирит-туф ж-а чөкмө, көбүнчө кызыл түстүү, континенттик ж-а континенттик-деңиз формацияларынан турат. Кембрийге чейинки ж-а төмөнкү палеозойдо пайда болгон гранитоид интрузиялары кенири тараган; айрым жерде габброиддер кезигет. Палеозойдун аягында пайда болгон сиенит м-н гранит-сиениттер кыйла кичирээк массивдерди түзөт. Палеоген-неоген чөкмөлөрү тоо этегиндеги адырлар тилкесин түзөт. К. А.-Т-нун чегинде узак убакыт бою коргошун рудасы казылып алынган (Борду кени), азыркы учурда карапалык сырьё (Ак-Суу кени), кооз таш (Кызыл-Омпол сиенит кени) кендеринин ө. ж-лык мааниси бар. Алардан башка күкүрт колчеданынын (Ачык-Таш кени), таш туздун (Желди-Суу кени) ж-а табигый курулуш материалдарынын кендери, о. эле полиметалл, жез кендери белгилүү. Ысык-Ата м-н Аламүдүн минералдуу аралаш сууларынын базасында дарылоо мекемелери иштейт. Ак-Суу (Жар-Таш) минералдуу суусу ичүү үчүн ө. ж-да чыгарылат.

Климаты мелүүн континенттик. Бийиктин б-ча өзгөрөт. Январдын орт. темп-расы −4... −5°Сден (тоо этегинде) −20...−25°Сге чейин (1000–4500 *м* бийикте), июлдуку 20–25°Сге (тоо этегинде) 0–5°Сге чейин (кыр бөлүгүндө). Жылдык жаан-чачын этектеринде 300–400 *мм*, көпчүлүгү жакын 800–1000 *мм*. К. А.-Т-нун (Сокулук-Ташкөмүр) жалпы аянты 520 *км*²ге жакын 102 көлү бар. Анын 483 (жалпы аянты 171 *км*²) көлү Чүй өрөөнүндө, 99 (49 *км*²) түштүгүндө. Көпчүлүк көлү түштүгүндө (Кара-Балтадан Шамшыга чейинки аралыктагы мөңгүлөрдүн жалпы аянты 200 *км*²ге жетет). Ири мөңгүлөрү: Ак-Шыйрак (алынты 6,4 *км*²), Кең-Тор (16,0 *км*², узундугу 19,1 *км*²), Туюк (8,5 *км*²), Чон Текелик (3 *км*²). Кар чегинин бийикт. 3750–4100 *м*. Суусамыр түн. Нарын ж-а Талас д-нын алабын тармактайт. Көп суулары түн. капталында: Ысык-Ата (жалпак орт. чыгымы 7,2 *м*³/*сек*), Аламүдүн (5,3 *м*³/*сек*), Кара-Балта (5,3 *м*³/*сек*), Сокулук (3,2 *м*³/*сек*) ж. б.; түш. капталында: Каракол (орт. чыгымы 4,6 *м*³/*сек*), Кокемерен, Суусамыр жана Каракөлдүн (Телектин алабы) куймалары. Бардыр мөңгү ж-а кар суулары-нан куралат. Апрель - май айларында кирип, август – сентябрда тартыла баштайт.

КЫРГЫЗ АЛА-ТООСУ



К. А.-Т-нун топурак ж-а өсүмдүктөрү бийиктик б-ча өзгөрөт. Түн. капталына кургакчыл талаа ж-а талаа (700–1000 *м* бийикте, ачык коңур топуракту келип, ак шыбак, камгак, эбелек, ак кылкан ж. б. өсүмдүктөр өсөт), кара коңур топуракту талаа (1000–1600 *м*; бетеге, шыбак, карындыз, буудайык, караган ж. б.), шалбаалуу талаа (1600–1900 *м*; кара топуракту келип, бетеге, шыраалжын, буудайык, дүйүм чөп ж. б.), токойлуу талаа-шалбаа (1900–2700 *м*; каралжын тоо-токой, тоо-шалбаа топуракту, тескей беттеринде карагай, күнгөйүндө арча, аларга жанаша шалбаа өсүмдүктөрү, четин, кайың, тал, бадалдар – бөрү карагат, ит мурун, ак чечек ж. б.), субальп (2700–3100 *м*), альп шалбаасы (3100–3500 *м*), гляциалдык-нивалдык (3500 *м*ден жогору) ландшафт алкактары мүнөздүү. Түш. капталдарында дарак өсүмдүктөрү кездешпейт. Анда тоолуу талаа ландшафты (2300–2900 *м* бийикте) орун алган. Тоо этегинде таштактуу жарым чөл ландшафты (1700–2300 *м*) бар. Башка ландшафттык алкактар түн. жагына окшош, бирок кургакчыл келип, алардын чектери 300–400 *м*ге бийигирээк. Жаныбарлары: сүлөөсүн, карышкыр, элик, тоо эчки, суусар, түлкү, бүркүт, ителги, улар, кекилик, чил, куш, арс чычкан, ач күсөн ж. б. К. А.-Т. негизинен жайыт катары пайдаланылат. Сарала-Саз, Суусамыр ж. б. белгилүү жайлоолору бар. Тоо этектериндеги ж-а ички өрөөндөрүндөгү түзөң ж-а бир аз жантайыңкы жериинин көбү айдоого пайдаланылат. Тоонун түндүгүндөгү райондор түш. капталдарындагы өрөөндөр ж-а жайлоолор м-н Шамшы, Ысык-Ата, Ала-Арча, Сокулук ашуулары аркылуу байланышат. Төө-Ашуудагы тешкен тоо аркылуу Бишкек – Ош автомобиль жолу өтөт.

Ад.: *Гвоздецкий Н. А., Голубчиков Ю. Н.* Природа мира: горы. М., 1987; Кыргыз жергеси. Фр., 1990; *Максимов Е. В., Осмонов А. О.* Особенности современного оледенения и динамики ледников Киргизского Ала-Тоо. Фр., 1995.

«КЫРГЫЗАЛТЫН» АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ – КРдеги алтын кенин ондуруучу ири ишкана. «Кыргызалтын» мамл. концерни болуп 1992-ж. уюшулуп (1999-жылдын 23-июлунан ААК), анын максаты тоо-кен тармагын бириктирүү, иштеп жаткан ишканаларды колдоо ж-а алтын кендерин өздөштүрүү б-ча сунушталган жаңы долбоорлорду ишке ашыруу. Ишкана сырьё базасын өнүктүрүү, алтын кендерин комплекстүү өздөштүрүү, өндүрүш потенциалын рационалдуу пайдалануу, тех. коопсуздукту түзүү, айлана-чөйрөнү коргоо ж. б. стратегиялык иш-чараларды жүргүзөт. Коомдун курамында 7 филиалы («Макмалалтын» комбинаты, «Терек-Сай», «Солтон-Сары» кендери, автотранспорт ишканасы, «Аффинаж» з-ду, зергерчилик цехи, «Кыргыз денизи» санаторийи ж. б.) бар.

КЫРГЫЗ АССР БОРБОРДУК АТКАРУУ КОМИТЕТИ (БАК) – респ-нын жогорку мыйзам чыгаруу, башкаруу ж-а контролдоочу органы. 1926-ж. 8–18-ноябрдагы Бүткүл союздук БАКтын 3-сессиясынын чечимине ылайык кабыл алынып, 1927-ж. 1-марттагы РСФСР ЭКСинин «Кыргыз АССРинин мамлекеттик түзүлүшү жөнүндө» токтому м-н бекитилген. К. АССР БАК Советтердин респ. съезддери тарабынан шайланган ж-а Кыргыз ССРинин Конституциясы кабыл алынганга чейин (1937) иш алып барган. К. АССР БАК сессиялар аралыгында декрет, жобо, токтомдорду чыгарса, Президиум милдеттүү түрдө респ-нын өкмөтү сунуштаган бардык жобо, токтом, мыйзам долбоорлору м-н респ. бюджетти карап, бекитип турган ж-а алардын аткарылышын контролдогон.

Ад.: *Нурбеков К., Нуралиев Э.* Высшие органы государственной власти Киргизской ССР. Ф., 1962; *Нурбеков К.* Возникновение киргизской советской национальной государственности. Ф., 1964; У истоков кыргызской национальной государственности / Под ред.: Т. К. Койчуева, В. М. Плоских, Т. У. Усубалиева.) Б., 1996; Кыргызская государственность в XX веке (Документы, история, комментарии) / Сост. А. Джуманалиев. Б., 2003. *К. Алымкулов.*

КЫРГЫЗ АССР СОВЕТТЕРИНИН 1-УЮШТУРУУ СЪЕЗДИ – 1927-ж. 7–12-мартта Фрунзе ш-нда өткон. Съездге 231 делегат катышкан. Съезд Кыргыз Автономия Советтик Социалисттик Республикасынын түзүлгөндүгү ж-до Декларация кабыл алып, Кыргыз АССР БАКка 123 мүчө ж-а 27 кандидат шайлаган. Алардын катарына: Н. *Узюков*, Ж. Саадаев, А. *Орозбеков*, Ж. *Абдрахманов*, О. *Алиев*, Г. Булатов, О. *Тыныбаев*, Т. Усманова, С. *Кулматов*, К. *Тыныстанов*, И. *Айдарбеков*, Э. *Эсенаманов*, К. Юлдашев, А. Кулумбаев, Х. *Шооруков*, Т. *Айтматов* ж. б. кирген. Съездде Бүткүл россиялык советтердин съездине 15 делегат (Т. Усманова, Ж. Абдрахманов, Э. Эсенаманов, Т. Айтматов, Х. Шооруков, Е. Поливанов ж. б.) ж-а СССР БАКтын Улуттар советине 5 делегат (Н. Узюков, Ж. Саадаев, А. Орозбеков, К. Иващенко, М. Якупбаев) шайланган. 12-мартта Кыргыз АССРинин 1-чакырылышынын 1-сессиясы өтүп, анда БАКтын сессияларынын аралыгында 17 мүчө ж-а 6 кандидаттан турган Кыргыз АССР БАКтын Президиуму шайланып, А. Орозбеков анын төрагасы болуп калган. О. эле Эл Комиссарлар Совети (ЭКС) уюшулуп, ага Ж. Абдрахманов бекитилген. Съезддин чечимдери Кыргыз АССРинин мамл. бийлик ж-а мамл. башкаруунун жогорку органдарынын (Бүткүл кыргыз советтеринин съезди, Кыргыз АССР Советинин БАКы, БАКтын Президиуму, ЭКС ж. б.) мыйзамдуу түрдө иш жүргүзүшүнө шарт түзгөн.

Ад.: История Киргизской ССР с древнейших времен до наших дней. В 5-и томах. Ф., 1986; Кыргызская государственность в XX веке (Документы, история, комментарии). /Сост. А. Джуманалиев. Б., 2003; *Джуманалиев А.* Политическая история Кыргызстана. (Становление политической системы Кыргызского общества). Б., 2005. *К. Алымкулов.*

КЫРГЫЗ АССР ЭЛ КОМИССАРЛАР СОВЕТИ (ЭКС) – 1927–37-ж-дагы респ-нын аткаруу бийлиги. К. А. ЭКС аны м-н бирге мыйзам чыгаруу, башкаруу иштерине да катышкан. Ал 1927-ж. 7–12-мартта өткөн *Кыргыз АССР Советтеринин 1-уюштуруу съездинде* Кыргыз АССР БАК тарабынан түзүлүп, анын төрагалыгына Ж. *Абдрахманов* дайындалган. Ал Кыргыз АССР БАКтын Президиумуна жооптукер болгон ж-а ага отчёт берип турган. Ага жер, финансы, эл агартуу, эмгек, саламаттык сактоо, жумушчу-дыйкан ж. б. комиссариаттар кыраган. К. А. ЭКС респ-нын аткаруу бийлиги катары мамл. ж-а жерг. бийликтин иштерин жөнгө салып турууга тийиш болгон.

Ад.: *Нурбеков К., Нуралиев Э.* Высшие органы государственной власти Киргизской ССР. Ф., 1962; *Нурбеков К.* Возникновение киргизской советской национальной государственности. Ф., 1964; У истоков кыргызской национальной государственности /Под ред.: Т. К. Койчуева, В. М. Плоских, Т. У. Усубалиева. Б., 1996; Кыргызская государственность в XX веке (Документы, история, комментарии) / Сост. А. Джуманалиев. Б., 2003. *К. Алымкулов.*

КЫРГЫЗ-АТА – Ноокат р-нундагы суу, Аравансайдын оң курамы. Уз. 43 км, алабынын аянты 298 *км²*, бийикт. 3240 *м*. Кичи Алай кырка тоосунун түн. капталынан башталат. Негизинен кар (22%), мөңгү (39%), булак сууларынан (39%) куралат. Жылдык орт. чыгымы 4,18 *м³/сек*. Эң көбү июнь – июлда, эң азы февраль – мартта байкалат. 6 куймасы бар; ирилери: Курган, Шамшалы (оң), Карагой (сол). Сугатка пайдаланылат. Боюнда Имам-Ата, Ак-Булак ж. б. кыш. жайгашкан.

КЫРГЫЗ-АТА КООЗ ТАШ КЕНИ Ош обл-нун Ноокат р-нунда, Эски-Ноокат кыш-нан 5–6 *км* түштүктө. 1956-ж. табылган. Кен аймагын юра мезгилинде пайда болгон кызыл түстүү кумдук түзөт. Жыгачтын калдыгы халцедон м-н кварцка ширелип, таш болуп катып калган. Өңү ачык күрөң, мала кызыл, көгүш. Майда бүртүкчөлүү, темгилдүү. Жыгачтын структурасы, жылдык тегерек темгилдери, жаракалары начар сакталган. Блоктуулугу 10×10×5 *см*. Жылмалап сайкалдаганда кооз оймо-чиймелерди пайда кылат. Белек-бечкек буюмдарын жасоого жарамдуу.

КЫРГЫЗ-АТА КОРУКЧАСЫ – Ноокат р-нунун аймагындагы ботан. корук жер (заказник). Кичи Алай кырка тоосундагы Кыргыз-Ата капчыгайында. Аянты 30 *га*. Эталон катары алынган көк гүл, колхикум, крокус, түркстан ж-а тоо кызгалдактуу аймакты коргоо максатында 1975-ж. уюшулган.

КЫРГЫЗ-АТА УЛУТТУК ПАРКЫ 1992-ж. уюшурулган. Алай кырка тоосунун түн. капталындагы арча токойлорунун жакшы сакталган, өтө сейрек учуроочу массивдери тараган орто бийик тоолуу аймакты камтыйт. Аянты 11 172 *га*. Паркта Памир-Алай тоо системасына мүнөздүү өсүмдүктөр, жаныбарлар корголуп, Фергана ойдунундагы калктын эс алуусуна ыңгайлуу шарт түзүлгөн.

КЫРГЫЗ-АТА ЧОПОЛУУ БҮЛӨӨ ТАШ КЕНИ Ош обл-нун Ноокат р-нунда, Эски-Ноокат кышнан 12 *км* түштүктө, Кыргыз-Ата суусунун сол жээгинде, деңиз деңг. 1800–2300 *м* бийикте. 1989–90-ж. чалгындалган. Кен аймагы силур, девон системаларынын жанартоо-чөкмө катмарларынан, таш көмүр мезгилинин интрузияларынан түзүлгөн. Чополуу бүлөө таш (сланец) силур мезгилинде пайда болгон. Бүлөө таштын өңү каралжын боз, чымкый кара, калыңдыгы 60 *м*ден 200 *м*ге чейин, көөп чыгуу темп-расы 1170–1200°С, көөп чыгуу коэфф. – 4, 5, алынган керамзиттин тыгыздыгы 0,56 *г/см³*. Чополуу бүлөө таш 1-категориядагы керамзиттик шагыл, кум алууга жарамдуу. Запасы В категориясы б-ча 1170 мин *м³*, C_1 – 4182 мин *м³*.

КЫРГЫЗ АТЧАНДАР ПОЛКУ – 1920-ж. майында Кыргыз атчандар дивизионунун ордуна кайрадан түзүлгөн аскер болүгү. К. а. п. негизинен кыргыз ж-а өзбек калкынан куралып, алты мин жоокерге жеткен. Бул полктун жарандык м-н О. Азияда уюшулган басмачыларды жок кылып, өлкөнү бийлигин орнотууга көмөктөшкөн. Басмачыларга каршы күрөштөгү эрдиги үчүн полктун командири С. Күчүков Кызыл Туу ордени менен сыйланып, көптөгөн жоокерлер баалуу сыйлыктарга татыктуу болгон. Жарандык согуш аяктагандан кийин К. а. п. тарыхчылыгы.

К. Алымкулов.

КЫРГЫЗ БАЛДАР АДАБИЯТЫ – [illegible] адабиятынын бир бутагы. К. б. а. [illegible] кыргыз совет ад-тынын пайда болушу, өсүшү, өнүгүшү тарыхы м-н тыгыз байланышта. Жаңы профессионал ад-т сыяктуу эле, к. б. а. да өлкө чыккан табигый бай материалдын фольклор. Оозеки ад-тте баатырдык эпостор, аңгемелер, сапаттарга, патриотизмге, эмгекке үндөгөн жаңы муунга таалим-тарбия берүүчү башка чыгармалар ар кыл темадагы жомоктор («Аскы жана Үсөн», «Акылдуу кыз», «Элчи белек», «Күч бирдикте» ж. б.), бекем сөздөр, оюн ырлары, санат, насыят чыгармалар, табышмактар, жаңылмачтар көп жаралган. К. б. а-нын түзүлүшүндө ж-а онугушунда ырчылар поэзиясынын классиктеринин (Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Барпы Алыкулов) балдарга арналган чыгармаларынын жанири чон. Басма бетинде биринчи К. Баялиновдун «Чабалекей менен жылан», «Түлкү менен суур» (1927), «Жетилген жетим» (1928), «Мурат» (1929) аңгемелери жарыялан-

ган. 20–30-жылдары А. Токомбаевдин «Жетим» (1927), «Эшим жетим» (1928) поэмалары, С. Сасыкбаевдин «Кичинекей жумушчу» (1932), «Чабандын баласы жана көк музоо» (1935), К. Маликовдун «Сарала козу», «Бактылуу кыз» (1936), «Сулайманов Керимбек» (1937), К. Жантошевдин «Мендирман» (1938), Ж. Бөкөнбаевдин «Балдар үчүн ырлар» (1939), Т. Умоталиевдин «Күч бирдикте» (1939), Н. Байтемировдун «Жомоктор» (1939), К. Эсенкожоевдин «Шарше», «Саякатчы бала» (1937), «Родинанын уулу», «Үчүнчү шар», «Канаттуулардын сыры» (1939) ж. б. чыгармалар жаралган. Булар кыргыз жазма адтындагы К. б. а-нын тунгуч көркөм туундулары эле. К. Баялиновдун «Ал эми жетим эмес», Т. Сыдыкбековдун «Кичинекей патриоттор», «Сагынбадымбы», С. Сасыкбаевдин «Партизандын уулу» аңгемелери, А. Токомбаевдин «Бүркүт менен үкү», Ж. Бөкөнбаевдин «Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлөт», «Чептен эрдин күчү бек», А. Токтомушевдин «Бала» аттуу поэмалары, тамсилдери – 1940-жылдар-



дагы К. б. а-нын андан аркы сапаттык өнүгүшүн далилдеген баалуу чыгармалар. К. б. а. айрыкча согуштан кийинки мезгилдерде тез темп м-н өнүгүп, А. Токомбаевдин «Биздин китеп» (1949), А. Осмоновдун «Балдар үчүн» (1947), Т. Умоталиевдин «Тартуу» (1948), «Кичинекейлерге ыр» (1956), К. Маликовдун «Жеткинчектер» (1954), А. Токтомушевдин «Жаштын тилеги» (1948), «Жакып уулу» (1957), Р. Шүкүрбековдун «Эки божөк» (1958) деген китептери басмадан чыккан. Бул чыгармаларга сезимталдык м-н терең мазмун, образдарды реалисттик ачуунун жаңыча ыкмалары мүнөздүү. К. Жантошевдин «Тилек» повести (1949), Т. Сыдыкбековдун «Тоо балдары» (1953) романы К. б. а-нын өнүгүшүндөгү жаңы баскычты белгилеген. К. б. а. азыркы учурда көркөм деңгээли жогору, тарбиялык мааниси терең, тематикасы ар кыл чыгармалар м-н толукталууда. Ч. Айтматов, М. Жангазиев, Ш. Бейшеналиев, И. Исаков, А. Кыдыров, Т. Кожомбердиев, А. Айтбаева, Ж. Садыков, Б. Сарногоев, С. Жусуев, Т. Самудинов, Б. Асаналиев ж. б. акын-жазуучулар «балдар дүйнөсүн» чебер талдаган кызыктуу чыгармалары м-н балдарга белгилүү болду, к. *Балдар адабияты, Кыргыз балдар фольклору.*

Ад.: Түлөгабылов М. Кыргыз балдар адабияты. Ф., 1963; Балдарга арналган оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнөн. Ф., 1972; Кыргыз элинин санат-насыят жана терме ырлары. Ф., 1973; Кыргыз эл жомоктору. Ф., 1975; Кыргыз балдар адабияты. Биобиблиографиялык справочник (1926–1966). Ф., 1969.

КЫРГЫЗ БАЛДАР ФОЛЬКЛОРУ. Балдар чыгармаларынын репертуары өтө бай, көп түрдүү. Балдар фольклорун салттуу фольклордон ажыратып кароо кыйын. Ар бир жанр балдардын табиятына жараша өзгөрүүгө дуушар болгон. Чоңдордун чыгармалары балдар тарабынан кайра айтылып, кээ бир жанрлар чыг-лык м-н кайра иштелип, балдардын репертуарларына өтүп, б. а. көркөм поэтикалык булактар чоңдордун чөйрөсүнөн балдардын чөйрөсүнө көчүп, «балдар фольклору» деген түшүнүктүн, терминдин, ил. проблеманын пайда болушун шарттаган. Бул – көп убакытты, татаал диалектиканы, кайрадан маани берүүнү, түшүнүүнү талап кылган процесс. Мис., эпостордо кезиккен сыйкырдуу бойго бүтүү, баласыз атанын балалуу болушу туурасындагы сюжет, мотив балдар жомокторунан орун алган. Балдар фольклору кыргыз оозеки чыг-лыгынан алган орду, генетикалык өсүп-өнүгүү жолу, жанрдык курамы бар, өзүнө мүнөздүү касиет-сапатка ээ. К. б. ф. тарыхый-генетикалык, поэтикалык чыгарманын жанрдык курамын, поэтикасын, генезисин, өнүгүү шарттарын изилдөө максатында балдар фольклорун классификациялоо иши жүргөн. Кыргыз балдар фольклорун изилдөө тарыхына көңүл буруп, фольклористика илиминин бай тажрыйбасын, методол. принциптерин эске алуу м-н тарыхый-генетикалык, жаш өзгочөлүк ж-а аткарган кызматы б-ча төмөнкүдөй классификацияланат: 1) жаш балдарга арналган поэтикалык чыгармалар; 2) чоңдор тарабынан жаралып, балдардын чыгармасына айланган чыгармалар; 3) балдар оюндары. Бул үч чоң топтун биринчи тобуна балдар ырлары кирет. Балдар ырлары жаш өзгочөлүгүнө, аткарган кызматына, маанисине карай экиге бөлүнөт. Наристе бөбөктөргө арналган ырлар, буга 1) алкыш, бата (жаңы төрөлгөн наристеге багышталган); 2) бешик ыры; 3) эркелетүү, сооротуу, оюн ырлары; 4) балдардын жаман жоруктарын жоюу максатында айтылган чымчыкейлер. Тестиер балдардын ырларына 1) акыйнек айтышуу; 2) жаныбарларга, жаратылыш кубулуштарына, жыл мезгилдерине карата чыгарылган (календарлык) ж-а балдардын тилегин, учкул кыялын чагылдырган ырлар; 3) Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги балдар ырлары; 4) боз балдардын ашыктык ырлары кирет. Экинчи топко 1) жомоктор; 2) эпикалык чыгармалар; 3) калптар; 4) макал-лакаптар. Үчүнчү топтогу балдар оюндары экиге бөлүнөт: 1) соз м-н коштолуучу оюндарга табышмак, жаңылмач, оюн ырлары; 2) кыймылдуу оюндарга балдардын де-

не боюн остүрүүчү, калыптандыруучу, ден соолугун чыңдоочу оюндар кирет. К. б. ф-нун жанрдык курамын поэтикасын, генезисин, өнүгүү шарттарын М. Түлөгабылов, М. Сулайманов, Г. Орозова, А. Саттарова ж. б. изилдеген.

Г. Орозова.

«КЫРГЫЗБАСМАСӨЗ», «Басмасөз» ачык акционердик коому – респ-да гезит-журнал ж. б. продукцияны жайылтуучу өндүрүштүк бирикме. 1965-ж. «Союзпечать» деп түзүлгөн. 1993-жылдан «Кыргызпечать» АК, 1999-жылдан «Басмасөз» ААК. Ишкананын негизги максаты ге-



Гезит-журнал сатуучу күрке.

зит-журнал продукциясы аркылуу массалык маалыматты элге жайылтуу. Респ-да «К-га» таандык гезит-журнал сатуучу 600дөй күрөлөр ж. б. түйүндөр бар.

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ (КББА) – мамл. ил. мекеме. 1951–92-ж. Кыргыз пед. ил.-изилдөө ин-ту (КырПИИИ), 1991–2003-ж. Кыргыз билим берүү ин-ту (КББИ), Информатика ж-а информ. технологиялар ин-ту бириктирилип, КР Өкмөтүнүн токтомунун негизинде 2002-ж. 3-сентябрда КББА болуп түзүлгөн. Милдеттери: билим берүүнүн натыйжалуулугун арттыруу, сапатын жогорулатуу, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кириштүүсү, ил.-пед. уюмдарды биригтирип, билим берүүнүн теор. ж-а практикалык маселелерин чечүү; мектепке чейинки, мектептик, орто ж-а жогорку кесиптик билим берүүнүн фундаменталдык ж-а



колдонмо изилдөө багыттарын аныктоо ж-а изилдөө; окуу-тарбия процессин ил.-теор., ил.-методикалык жактан камсыздоо; пед. кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, даярдоо ж-а кайра даярдоо; билим берүүнү информациялаштыруу ж. б. КББАда 4 борбор ж-а 1 бөлүм иштейт: 1) мектеп ж-а мектепке чейинки билим берүү борбору; 2) пед. кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, даярдоо ж-а кайра даярдоо борбору. 1945-ж. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу ин-тунун негизинде түзүлгөн. Ю. М. Мусин, Б. К. Кадырова, Т. О. Өскөнбаев, Н. М. Чжен ж. б. ин-ттун уюштуруучулары болушкан; 3) кесиптик билим берүү борбору 1997-ж. уюшулган; 4) инновациялык-информ. технологиялар борбору; 1975-ж. жогорку окуу жайлар аралык эсептөө борбору болуп түзүлгөн, кийин Респ. жаңы маалымат технологиялар борбору, 1999-ж. Информатика ж-а информ. технологиялар ин-туту, 2003-жылдан Инновациялык-информ. технологиялар борбору болуп, КББАнын курамына кирген; 5) уюштуруу, ил.-методикалык ж-а басма иштер бөлүмү. «Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары» чыгарат. КББАнын ил. китепканасы, окуу кабинеттери бар; чакан басмаканасы иштейт. Президенттери: жабдыктар м-н жабдылган. А. *Жайнаков* (2003), К. А. *Калдыбаев* (2003–07), А. М. *Мамытов* (2007-жылдан).

КЫРГЫЗ ВЕТЕРИНАРИЯ ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ А. Дүйшеев атн., КР Айыл чарба министрлигинин карамагында. 1927-ж. вет.-бактериология лабор-сы болуп уюшулган. 1940-ж. ошол борбордун негизинде Кыргыз ил.- из. вет.-тажрыйба станциясы түзүлгөн. 1956-ж. вет.-тажрыйба станциясынын ж-а Кыргыз мал чарба ИИИнин базасында Кыргыз ветеринария ж-а мал мамба ИИИ уюшулган. Ал эми 1985-ж. ин-ттун негизинде алдынча вет. ИИИ болуп бөлүнүп чыккан. 2008-ж. мал чарба, ветеринария жана жаңы жаңдоо ин-ттары биригтирилип, Айыл чарба сультациялык кызмат борбору менен бирдикте дагы Кыргыз мал чарба, ветеринария жана ай йыт ИИИ болуп уюшулган. Ошондон кийин радан министрликтин карамагында туруп, кыргызстанда. 2005-ж. 2-майда жаңы ыкма рилген. Ин-ттун окумуштуулары Кыргызстан вет. медицинасынын өнүгүшүнө зор салым кошуда. Ин-ттун негизги ил. багыты мал жандарынын диагностика чараларын изилдеп табуу ыкмаларын оркүндөтүү, жугуштуу ж-а жугушсуз ылаңдарды алдын алуу ж-а дарылоо чараларын ил. жактан негиздөө. Малдын колибактериоз, салмонеллез, шарп, жугуштуу эпидилимит, бруцеллез ылаңдарына каршы вакциналар ойлоп табылып, гельминттерге каршы үч дары иштелип чыккан. Ин-тта 65 ил. кызматкер, а. и. 5 илимд. докторлору ж-а 18 илимд. кандидат-

тары эмгектенет (2010). 1985–2005-ж. ин-ттун директору – А. Дүйшеев Р. З. *Нургазиев* (2005–10), 1910-жылдан К. Абдыкеримов.

Д. Акматова.

«КЫРГЫЗГАЗ» – ачык акционердик коом (1998). «Кыргызгазмунайзат» мамл. акционердик компаниянын мүлкүнүн бир бөлүгүнүн базасында түзүлгөн. Коом өз ишмердигинде акцияларды чыгаруу ж-а жайгаштыруу жолу м-н пайда алуу ж-а каражат тартуу максатын көздөйт. КРдин «Энергетика жөнүндө» мыйзамына ылайык ал респ-нын керектөөчүлөрүн жаратылыш газы м-н камсыз кылуу б-ча жалгыз монополист болуп саналат. Анын курамына түндүк магистралдык газ түтүгүнүн активдери м-н борб. аппарат, 5 газ чарба башкармалыгы, магистралдык газ түтүгүнүн түштүк башкармалыгы, 4 автомобилдүү газ толтургуч компрессордук станция, Кыргыз жүргүзүү-ташуу участкасы, автотранспорт ишканасы, суюлтулган газ б-ча бөлүктөр ж-а социалдык-турмуш-тиричилик объектилери кирет.

КЫРГЫЗДАР – эл, КРдин негизги калкы; Борб. Азиядагы эң байыркы элдердин бири. Жалпы саны 4 млн киши (2008), а. и. 3 674 395и КРде (2009). Казакстанда 40 000 (2009), Өзбекстандын түн.-чыгышында 600 миң (2009), Тажикстанда (Тоолуу-Бадахшан АО) 81 миң (2006), Россияда 31 808 (2002), Кытайдын түндүгүндө (негизинен



Кызыл-Суу АО, Синьцзян-Уйгур автономиялык району ж-а Ички Моңголиядагы Хэйлунцзян провинциялары) 200 миң (1995), Афганстандын түн.-чыгышында (Чоң ж-а Кичи Памир, Гиндукуш ж-а Бадахшан провинциясы) 10 миң (2009), о. эле Пакистандын түн.-батышында, Түркияда (Адана, Анкара, Ван, Малатья вилайети) да жашашат. Түрк тилдеринин кыргыз-кыпчак тобуна кирген *кыргыз тилинде* сүйлөшөт. Антроп. жактан моңгол расасынын Түш. Сибирь бөлүгүнө кирет. Дини – *мусулман-сунниттер.* Окумуштуулар лингв. ж-а ономастикалык методдорго таянуу м-н «кыргыз» этнонимин ил. негизде чечмелеп, ар кыл бөлүктөргө ажыратып түшүндүрүүгө аракет жасашкан. Анын айрым



Ала-Тоо аянтындагы майрамдык салтанат.

варианттары: «кырк-гуз» («кырыг-огуз») = «кызыл огуздар» (Н. А. *Баскаков*); «кыргу(з)» = «кызыл» (К. И. Петров); «кыр [кыз(ыл)] – гыз», б. а. «кызыл жүздүү гы-з» (А. Н. *Кононов*) деп эсептешсе, Ю. А. Зуев «karkasa» (индиран тили), «kahrkasa» (авеста тили), «kargas» (пехлеви же о. кылымдагы фарсы тили), «karges» (памир-иран тили), «carkas» (согду тили) аркылуу «cirgus» (осетин тилинде «бүркүт») м-н байланыштырган. Синолог П. Пельонун (Pelliot) пикири б-ча кытай транскрипциясы моңгол тилиндеги «киркун» (алгачкы формасы «Kien-k'un», жеке түрүндө «Qirqun») аркылуу кабыл алынып, көптүк түрдө «киркизга» («Qirqis») айланган. В. *Минорский* түрктөрдүн «40» санына салыштырып, көптүк түрү «киркиз» («Qirqis») экенин көрсөткөн. Кыргыз этноними алгач кытай тарыхчысы *Сыма Цяндын* «Тарыхый жазмалар» («Ши цзи») аттуу эмгегинде (б. з. ч. 203–201-ж.) «гегун» транскрипциясы м-н берилген. Кытайдын Хан (б. з. ч. 206 – б. з. 205), Тан (618–907), Сун (960–1279) династияларынын тарыхында гяньгунь, гюйву, гйегу, гйегйесы, гягяс, сяцзяс, хагас, хягас, хакяньсы, хэгу, цзегу (цзйегу), цигу (цзюу), цзяньгунь, цзянькунь ж. б. түрүндө кезигет (к. *Ге-гун, Енисей кыргыздары, Кыргыз кагандыгы*). *Орхон-енисей рун жазуулары* чечмеленгенден кийин аталган транскрипциялар кыргыз этнонимине тиешелүү экени аныкталган. Кытай иероглифиндеги «цзегун» м-н «кара кыргыз» (б. а. жалпы кыргыз) деген аталыштын окшоштугун окумуштуу Н. Г. Маллицкий да белгилеген, бирок алардын азыркы К. м-н түздөн-түз байланышы бар (Н. Аристов, Б. *Солтоноев*) же жок (М. Жамгырчинов, Л. *Кызласов*) экени тууралуу маселе тактала элек. Ал эми азыркы кыргыз этноними 11–16-к-дагы тарыхый маалыматтарда кезиккен (к. *Махмуд Кашгари, Мухаммед Хайдар, Рашид ад-Дин, Сайф ад-Дин Аксыкенти*) К. м-н тикеден тике этногенетикалык байланышта болгондугу талаш туудурбайт. Тарыхый жазма булактарда б. з. ч. 3-к-дан эскерилген К-дын ата журту тууралуу ар түрдүү пикирлер айтылып келген. Алгачкы кыргыз журту Енисейде (Түш. Сибирде)

жайгашып, Теңир-Тоого кийин келген (В. В. *Бартольд*, К. И. *Петров* ж. б.) дешсе, башкалары (Ө. *Караев*, Ю. *Худяков* ж. б.) байыртадан эле Чыгыш Теңир-Тоону мекендегенин далилдешет, айрымдары (А. Маргулан) Кырг-ндын автохтондуу (жерг.) эли болгон деген көз карашта. Илимпоздордун көпчүлүгү кыргыз элинин негизги өзөгү Ички Азияда жаралып, этностук тарыхы байыркы уруулар (*хунн, динлин, сак, усун* ж. б.) м-н байланыштуу деген пикирди колдойт. Тан династиясынын тарыхы (Тан-шу) б-ча байыркы мезгилде К-дын (гяньгунь) күчтүү мамлекети болуп, хунндардын батыш чек арасынан орун алган. Ю. Худяков, Л. Боровкова, Д. Савинов ж. б. окумуштуулар б. з. ч. 1-миң жылдыктын аягы – б. з. 1-миң жылдыгынын башында байыркы кыргыздар (гяньгун) Енисей ж-а Түн.-Батыш Моңголия эмес, Чыгыш Түркстанда жайгашкан деген тыянакка келишкен.

Б. з. ч. 50-жылдары хунндардын башчысы (шанүй) Чжичжи К-дын мамлекетин басып алган соң, К. хунндарга баш ийип, анын таасиринде өнүккөн, кийинчерээк К. динлиндер м-н аралашып кеткен. Кытай жазма булактарында К. эл катары б. з. 1–5-к-нда түрк урууларынын



телес (тйэле) уруу бирикмесине коншу катары Иунун (Хами же Комул) батышында, Яньцинин (Яньчжи же Карашаар) түндүгүндө, Байшанга (Ак-Тоо) жакын жайгашып, башчысын «ажо» деп атап, ордосу Кара-Тоо (Цин-Шань) болгону эскерилет. Батыш Түрк кагандыгынын (603–704) тушунда бир тууган кагандар Иби Дулу-хан ж-а Хилиши тарабынан түзүлгөн (638–39) келишим б-ча Иле өзөнүнүн батышы Дулуга тийип, К. (Гйегу, Хягас) анын кол алдында калган. О. кылымдагы энциклопедиячы-окумуштуу *Марвази* (11–12-к.) түрктөрдүн жери *Мавераннахр*, Хорезм м-н чектешкенин, түрктөр кыргыз, *кимак*, гуз (*тогуз огуз, уйгур*), *карлук*, печенег (баджанак), *кыпчак* (хифжак) хазар, мадьяр деген урууларда турганын «Таббаи ал Хайаван» деген эмгегинде жазган. Мухаммед ибн Бекран (12–13-к.) б-ча К. Аму-Дарыянын (Атиль) баш жагындагы тоолордо жашаган. 13–16-к-да К. жашаган аймак моңголдордун кол алдында калган (к. *Моңгол басып алуулары, Моңгол империясы*). Кыргыз элинин калыптануу процесси болжол м-н 11–15-к-да аяктап, батыштан-чыгышка карай Түн. Теңир-Тоодон *Куньлунь* ж-а *Гиндукуш* тоолору, түштүктөн-түндүккө Куча ойдуңунан Түркстан тоо кыркаларына чейинки аймакты ээлеген. 15-к-дын 2-жарымында Тянь-Шанда (Теңир-Тоо) К-дын өз алдынча саясий бирикмеси түзүлгөн. *Кыргыз санжырасында* К-дын пайда болушу негизинен *Долон бий* ж-а анын эгиз уулдары *Ак уул* (оң, же оң канат), *Куу уул* (сол, же сол канат) м-н байланышат. Бирок 16-к-да К-дын оң канат уруу бирикмеси *Отуз уул*, Салусбек Булгачы тукуму аталган топтон турса (к. «*Мажму ат-Таварих*»), кийин отуз уул оң, солдун курамына, *Булгачы* башка уруулар м-н бирге ичкиликтерге кирген. КЭРде жашаган К. отуз уулдун бардык тобун сол канатка, ичкиликтерди толук оң канатка киргизет. Изилденип жаткан маалыматтар б-ча азыркы К. Ак уул, Куу уул ж-а ичкилик деп аталган өзүнчө үч чоң топко бөлүнөт. Онго адигине, тагай ж-а *муңгуш*; солго *кушчу, саруу, мундуз, жетиген, кытай, басыз, тобой, чоң багыш*; ичкиликке *найман, тейит, кесек, жоо кесек, каңды, бостон, нойгут, дөөлөс, ават*, кээ бир учурда *кыдырша* уруулары да кирет. 16–18-к-да Жунгар хандыгынын кыргыздарга каршы чабуулуна активдүү күрөшкөн (к. *Кыргыз-калмак (ойрот) согуштары*). Бул мезгилдеги кытай жылнаамаларында (Шофанбэйчэн, Пиндин чжуньгээр фанлюе, Да Цин личао шилу ж. б.) К-ды бурут (булутэ) деп атаган учурлар кездешет. 16–18-к-дарда кыргыз-кайсактар ж-а К. өз өзүнчө эл экени аныкталып (к. *Женкинсон, Ефремов*), казактардан айырмалоо үчүн К-ды «тоолук кыргыз», «кара кыргыз» деп аташкан (И. Андреев, А. Левшин ж. б.). 19-к-дын 1-жарымында К. Кокон хандыгынын [illegible] калган. 19-к-дын 2-жарымында адегенде Түн. Кырг-нды, кийин Түш. Кырг-нды Россия [illegible] риясы өзүнө караткан (к. *Кыргызстандын [illegible] сияга каратылышы*). *Орус револ[illegible] (1917)* кийин 1918–24-ж. *Түркстан [illegible]* курамында; 1924-ж. 14-октябрда О. [illegible] нин улуттук-мамл. бөлүнүшү [illegible] ылайык *Кара-Кыргыз АОсу* [illegible] 25-майынан Кыргыз АОсу, [illegible] ралынан *Кыргыз АССРи*, [illegible] кабрынан *Кыргыз ССРи* [illegible] дин курамына кирген. [illegible] 1990-ж. 15-декабрда «Кыргыз Республикалык мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндө», [illegible] 31-августта «Кыргыз Республикалык мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндөгү» декларациялар кабыл алынып, *Кыргыз Республикасы* өз алдынча мамлекет болуп жарыяланган. К. узак тарыхый тагдырында толук кандуу эгемендүүлүккө жетип, көз каранды эмес мамлекетке ээ болду.

Ад.: *Джамгырчинов Б.* Киргизы в эпоху Ормон хана (Из истории феодально-родовых войн киргизов в XIX в). Ф., 1945; *Юнусалиев Б. М.* К вопросу о формировании общенародного киргизского языка. //Труды ИЯЛ АН Кирг. ССР. 1956, вып. VI; *Кюнер Н. В.* Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. М., 1960; *Петров К. И.* Очерк происхождения киргизского народа. Ф., 1963; *Караев О.* Арабские и персидские источники IX–XII вв. о киргизах и Киргизии. Ф., 1968; История Киргизской ССР с древнейших времен до наших дней. В 5-и томах. Ф., 1986; *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. Б., 1993, Т. 1–2; *Худяков Ю. С.* Кыргызы на просторах Азии. Б., 1995; *Бартольд В. В.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1996; *Бернштам А. Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана (в 2-х томах). Б., 1998; *Бичурин Н. Я.* (Иакинф), Собрание сведений о народах, обитавших в средней Азии в древние времена. Т. 1. А., 1998; *Абрамзон С. М.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1999; *Мухаммед Хайдар Дулати.* Тарих-и Рашиди. А., 1999; *Аристов Н. А.* Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. Б., 2001; Кыргызская государственность в XX веке (Документы, история, комментарии) / Сост. А. Джуманалиев. Б., 2003; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 2003, Т. 1–2; Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана / Сост. Т.Д. Джуманалиев, Б., 2007, Т. 1–2; Балыкооздун санжырасы. Б., 2009.

Э. Турганбаев.

«КЫРГЫЗДАР» – белгилүү орус тарыхчысы-чыгыш таануучу, түрколог, академик В. В. *Бартольддун* өмүрүнүн соңку мезгилиндеги эмгеги. *Кыргыз АССРинин* Эл агартуу комиссариатынын өтүнүчү б-ча жазылган. Биринчи жолу 1927-ж. жарык көрүп, 1943-ж. кыргыз тилинде чыккан. Бул эмгекти жазууда автор мурда белгилүү болгон ж-а жаңы табылган чыгыш кол жазмаларын, о. эле араб-фарсы тилиндеги жазма булактардан маалыматтарды пайдаланып, байыркы кол жазмаларда эскерилген «кыргыз» этноними төгүн жерден жаралбагандыгын белгилеген. «К.» ырааттуу жылнаамалар б-ча берилип, 7 бөлүмдөн турат. 1-бөлүмүнө эң байыркы маалыматтар берилип, анда кытай тарыхындагы (*Сыма Цянь*, Хан тарыхы) кыргыздар (*гэгунь, гяньгунь*) ж-а алардын байыркы замандан б. з. 6-к-на чейинки тарыхы камтылып, О. Азия элдеринин ичинен тарыхта аты ушунча эрте кезиккен бир да эл болбогондугун далилдеген. 2-бөлүмүндө кытай жылнаамасында (Тан-шу) кезиккен 6–9-к-дагы кыргыздар (хягас, цзегу), алардын башка уруулар (*динлин, аз*, бома, сеяньто, уйгур, чик, курыкан, ж. б.) м-н этностук-саясий алакалары ж-дө маселелер каралган. 3-бөлүмүндө кытай тарыхы (Тан-шу) ж-а араб, фарсы авторлорунун (*Гардизи, Махмуд Кашгари, Худуд ал-Алам*) маалыматтарында 9–10-к-дагы кыргыздар (хирхиз), кыргыздардын Улуу державасы, жайгашкан аймагы, бөлөк уруулар (*карлук, түргөш, чигил, кимак, тухси*, ягма ж. б.) м-н болгон мамилелери, кыргыздар м-н мусулмандардын ортосундагы карымкатнаштар, соода байланыштары ж. б. баяндалган. 4-бөлүмүндө *Енисей кыргыздарынын* 10-к-дан кийинки тарыхы, моңголдордун кыргыздарды багындырышы ж. б. кытай (Цзинь-ши, Юань-ши), фарсы (*Жувейни, Рашид ад-Дин*) маалыматтарында баяндалган. Жакында ушул 4-бөлүмдөгү кыргыздарга таандык маалыматтарды тастыктаган дагы бир тарыхый жазма дарек жарык көрдү: Сайшиялдын эски моңголчодон которулган «Чынгызхан жөнүндө баян» (Улан-Уде, 2006) аттуу эмгеги, анда түш. Сибирди мекендеген ойроттор м-н кыргыздарды Жучинин аскерлери кандайча караткандыгы жөнүндө кеңири маалымат берилет. 5-бөлүмүндө 16–17-к-дагы теңир-тоолук (к. *Моголстан*) кыргыздар ж-дө маалыматтар бар. Аны жазууда В. Бартольд негизинен *Мухаммед Хайдар, Махмуд ибн-Вали* ж. б-дын эмгектериндеги тарыхый кабарларды пайдаланып, кыргыздардын могол хандары м-н болгон мамилеси, аларга каршы кыргыз-казак биримдиги ж-а Теңир-Тоо кыргыздарынын этногенезинде байланышкан айрым маалыматтарга токтоолгон. Эмгектин 6-бөлүмүндө 17-к-дагы Енисей кыргыздарынын *Алтан-хан, Жуңгар хандыгы* ж-а Сибирдеги орус воеводалары м-н мамилеси. Ал эми 7-бөлүмүндө 18–19-к-дагы Теңир-Тоо кыргыздарынын калмак, Кокон хандыгы ж-а Россия м-н болгон мамилелери тууралуу маалыматтар берилген. Эмгегинде В. Бартольд кыргыздардын бир бөлүгү 9-к-да Енисейден Теңир-Тоого келип, белгилүү бир мезгил өткөндөн кийин кайра кайтып кетишкен, азыркы кыргыздар Теңир-Тоого 15-к-дын башында ойрот-калмактар м-н кошо келген деген ил. божомолдоону сунуштаган (к. *Кыргыздар*). Бул эмгек жарык көргөндөн кийин жаңы тарыхый маалыматтардын ж-а археол. материалдардын негизинде Борб. Азиянын тарыхындагы кыргыздардын орду, алардын калыптанышы ж-дө ар кандай көз караштагы эмгектер пайда болгон.

О. Караев.



17–18-кылымдардагы кыргыздар жашаган аймак.

КЫРГЫЗДАРДЫН БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК БИРИНЧИ КУРУЛТАЙЫ – дүйнө жүзүндө жашаган кыргыздардын өкүлдөрү катышкан жалпы жыйын. Курултай 1992-ж. 29–31-августта Бишкек ш-нда өткөн. Ага дүйнөпүн дээрлик бардык континенттериндеги Кытай (Канат Абдубакир), Түркия (Арип, Рахманкул, Токтосун ажы Сыдык уулу), Сауд Арабиясы (Амит ажы Мырзахмат уулу, Абдурахим Абдрахман), Афганстан, Тажикстан, Өзбекстан, Америка (Сыдык Алдаш), Нигерия (Кемелбаев Нургазы), Австралия (Азиз Абдукар), Европа өлкөлөрү (Франциядан Ожурова Турсун) ж. б. мамлекеттерде жашаган кыргыздар келишкен. Курултайда эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Кырг-ндын экон. оор абалы ж-а андан чыгуу, улуттук кайра жаралуу, көз каранды эместикти бекемдөө, саясий туруктуулук, маданий деңгээлди көтөрүү ж. б. маселелер каралган.

Э. Турганбаев.

КЫРГЫЗДАРДЫН ЧҮЙГӨ КЕЛИШИ (18-к.) – калмактардын Борб. Азиядагы баскынчылык согуштарынан (к. *Кыргыз-калмак (ойрот) согуштары*) улам Кара-Тегин, *Ысар (Гиссар), Көлөп* (Куляб) ж-а *Ферганага* сүрүлүп барган кыргыздардын ата журтуна кайтып келиши. К. ч. к. тууралуу алгач Б. *Солтоноевдин* эмгегинде (к. *Кызыл кыргыз тарыхы*) эскерилет. 18-к-дын орто ченинде ички ж-а тышкы кырдаалга байланыштуу *Жуңгар хандыгы* саясий-экон. кризиске учурап, алсырай баштайт. Убагында калмактардын экспанциясына туруштук бере албай, чачылып кеткен кыргыздардын кайрадан биригүүсүнө ыңгайлуу шарт түзүлөт. Бул учурда кыргыз бийлеринин (к. *Маматкул бий, Каработо бий, Кошой бий*) демилгеси м-н сүрүлгөн кыргыздар 1730–40-ж. Кетмен-Төбө, Тогуз-Торо аймактарына көчүп келет. Кыргыздар калмактардын Чүйдү ээн таштап, Ысык-Көл тарапка жер которгондугу ж-дө кабар («жөө күлүктөр» Дорбаш, Койкоң-Назар, Көкөй Чүйгө келип, жер чалышкан) алышып, чакан топтон куралган кол адегенде Талас, Чүй, кийинчерээк Ысык-Көл, Иле өрөөнүндөгү калмактарды сүрө баштайт (к. *Атаке, Качыке, Эр Солтоной*). Натыйжада калмактар Ички Жуңгарияны карай чегинип, Олуя-Атадан Балхаш, Илеге чейинки жерлер бошотулат. Калмактардан бошогон Талас, Чүй аймактарын Улуу жүздүн кээ бир уруулары (сары уйсун, дуулат, чапырашты, чанчкылы ж. б.), Иле тарабын Орто жүз наймандары, Ысык-Көл, Ат-Башынын чыгыш, түш.-чыгышындагы аймактарын Цин империясы ээлеп алууга умтулат. Ушундай жагдайда Маматкул, *Кошой бий* лер кыргыздарды Кетмен-Төбөдөн Талас, Чүй, Ат-Башы, Ысык-Колгө көчүрүү демилгесин көтөрөт. Ошол мезгилде Ташкент, Түркстан тараптан Чүй тарапка жыла баштаган казак уруларына кыргыздардын Чүйгө көчүп келет баштаны тоскоолдук кылат. *Туума бий* башындагы кушчу, саруулар м-н *Садыр баатыр* жетектеген саяк (негизинен түнкатар) уруулары Талас – Олуя-Ата; *Жайыл баатыр*, Маматкул башындагы солтонун талкан уруусу Олуя-Ата – Мерке – Кара-Балта; Кебек бий баштаган бөлөкбайлар Кара-Балта – Ысык-Ата, Качыке башындагы чекир саяктар Ысык-Ата – Кемин; Атаке м-н Эсенкул башында турган сарыбагыштар Кеминден Илеге чейинки аймактарга, Чөрикчи бий башында турган мин түтүн бугу-сарыбагыш ж-а мин түтүн саяк уруусу 1761-ж. Ысык-Колдун чыгыш тарабына, Иленин он жээгине көчүп келет. К. Ч. к. м-н кыргыз-кытай, кыргыз-казак чек ара маселелери курчуйт. Орус ж-а кытай жазма булактарында казак сул-

тандары Абылпеиз 1763–64-ж. Илеге, Абылай 1765-ж. Илеге, 1766-, 1769-, 1773-, 1779–80-ж. Кара-Балта, Олуя-Ата тараптан кыргыздарга кол салат (к. *Абылай хандын кыргыздарга жортуулдары, Жайыл кыргыны, Түлоберди баатыр*). Бирок казактар кыргыздардан жеңилген соң, эки элдин ортосунда тынчтык келишими түзүлөт. Натыйжада кыргыздар Байгара, Жамбыл, Кулжа-Башы тоолору, Балхаш көлү ж-а Иле д-нын баш жагын казак ж-а Цин империясынын аскерлеринен коргоп калат. Ал эми Цин империясы м-н кыргыздардын ортосундагы чек ара маселеси элчилик жиберүү аркылуу чечилет (к. *Кыргыз-кытай дипломатиялык мамилелери*).

Ад.: Цинская империя и казахские ханства (вторая половина XVIII–первая треть XIX в.). А., 1989, 2-я часть; *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. Т. 1. Б., 1993; *Сапаралиев Д.* Взаимоотношения кыргызского народа с русскими и соседними народами в XVIII веке. Б. , 1995; Алымбектин санжырасы. Б., 2007. *Э. Тургынбаев.*

КЫРГЫЗ ДИАЛЕКТОЛОГИЯСЫ – кыргыз диалектилерин, говорлорун изилдөөчү илим. *Диалектология* илими диалектилердин, говорлордун тыбыштык системасындагы, грамматикалык түзүлүшүндөгү, сөздүк курамындагы жалпылыктарды, өзгөчөлүктөрдү ж-а алардын себептерин изилдейт. Изилдөө мүнөзүнө жараша *диалектография* (сыпаттама, кээде мүнөздөмө) ж-а тарыхый деп бөлүнөт. Сыпаттама жолу м-н диалектилердин, говорлордун бир учурдагы абалы системалуу мүнөздөлсө, тарыхый диалектологияда диалектилердин, тилдик фактылардын тарыхый өнүгүп өзгөрүшүн изилдейт. Кыргыз тили түрк тилдерине киргендигине байланыштуу 11-к-да изилдөө объектине айланган. Буга далил катары М. Кашгаринин *«Дивану лугат-ит түрк»* эмгегинде кыргыздардын тилдик өзгөчөлүктөрү жалпы эле түрк элдеринин тилдик бөтөнчөлүктөрүнө салыштырылгандыгын атоого болот. Кийин 1856-ж. Ч. Валиханов «Манас» эпосундагы тилдик өзгөчөлүктөрдү белгилеген. Оозеки чыгармаларды, а. и. «Манас» эпосундагы айрым эпизоддор В. Радловдун «Түндүк түрк урууларынын адабияттарынын үлгүлөрү» аттуу 10 томдук эмгегинин 5-томунда (1985) жарыяланган. *Этнографиядан* өзүнчө лингв. илим катары бөлүнүп чыккандан кийин диалектологияга көңүл бурула баштаган. 1920–30-жылдары кыргызча-орусча сөздүк үчүн сөздөр жыйналганда диалектилик өзгөчөлүктөргө да байкоо жүргүзүлгөн. Натыйжада кыргыз тилинин диалектилерге бөлүнөрү ж-дө К. Тыныстанов алгачкы (1934) пикирин жазган. 1938-ж. И. А. Батмановдун «Кыргыз тилинин түндүк диалектилери» деген эмгеги жарык көргөн. 1940-ж. К. К. Юдахин «Кыргызча-орусча сөздүк» түзүп, анын кириш сөзүндө кыргыз тилинин диалектилик өзгөчөлүктөрү ж-дө жазган. Бирок 1950-жылдардан кийин гана кыргыз диалектилерин изилдөө иштери системалуу ж-а пландуу мүнөзгө өткөн. Бул жылдары Г. Бакинованын «Ысык-Көл говорунун материалдарынан» (1956), «Кыргыз тилинин Ош говору» (1956), Э. Абдулдаевдин «Кыргыз тилинин Чаткал говору» (1956), Г. Бакинова, С. Кондучалова, С. Сыдыковдун «Кыргыз тилинин Жалал-Абад областынын говорлору» (1958) ж-а «Кыргыз тилинин Чүй говору» (1959), Т. К. Ахматовдун «Кыргыз тилинин Талас говору» (1959), Э. Абдулдаев, Г. Бакинова, С. Кондучалова, С. Сыдыковдун «Тянь-Шандык кыргыздардын тилиндеги өзгөчөлүктөр» (1962), Э. Абдулдаев, Г. Бакинова, Н. Бейшекеевдин «Өзбекстандык кыргыздардын тилиндеги жергиликтүү өзгөчөлүктөр» (1962) деген эмгектер жарыяланган. О. эле В. Радлов жазып алган тексттеги диалектилик өзгөчөлүктөрдү С. Кондучалова, тажикстандык кыргыздардын тилин Ж. Мукамбаев, казакстандык кыргыздардын тилин Н. Бейшекеев, лейлектик кыргыздардын тилин Ш. Жапаров, анжияндык кыргыздардын тилин Ж. Жумалиев, кытайлык кыргыздардын тилин Ху-Жен-Хуа, Ху И изилдешкен. Кыргыз тилинин тарыхын ж-а адабий тилдин нормаларын аныктоо үчүн анын кандай диалектилерге бөлүнүшүн тактап алуу керектигин алгачкы пикирди айткан К. Тыныстанов 4 диалектиге; И. А. Батманов 2 наречиеге; К. К. Юдахин, Ж. Мукамбаев 2 диалектиге; Б. М. Юнусалиев, Ш. Жапаров 3 диалектиге бөлүштүргөн. Ил. чөйрөдө кыргыз тили эки ж-а үч диалектиден турат деген көз-карашты жактаган пикирлер бар. 1960–70-жылдары кыргыз диалектилерин лингв.-геогр. жагдайдан иликтөө башталган. Анын натыйжасында 197 картадан турган «Кыргыз тилинин диалектологиялык атласы» (Г. Бакинова жетектеген авторлор тобу) түзүлгөн. Андан тышкары А. Биялиевдин «Кыргыз диалектологиясы» (2001), Ж. Мукамбаевдин 2555 беттен турган кол жазмасынын негизинде К. Конкобаев «Ж. Мукамбаевдин «Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүн» (2009) чыгарган. Диалектилик фактыларды тарыхый ж-а лингв.-геогр., ареалдык жактан талдоого алган көптөгөн окуу китептер, методикалык колдонмолор, программалар, макалалар жарыяланууда.

Ад.: *Юнусалиев* Б. М. Кыргыз диалектологиясы, Ф., 1971.

КЫРГЫЗ ДЫЙКАНЧЫЛЫК ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ КРдин Айыл чарба министрлигинин карамагында. Ин-т 1956-ж. Мамл. селекция ж-а респ. мөмө-жемиш, жашылча тажрыйба станцияларынын базасында түзүлгөн. 2002-ж. Агрардык илим ж-а консультациялык кызмат борборуна өткөрүлгөн. 2008-жылдан кайра министрликтин карамагында. Негизги ил. багыттары – а. ч. өсүмдүктөрүнүн жогорку түшүмдүү ж-а сапаттуу сорттorун ж-а гибриддерин чыгаруу, а. ч. өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн агротехникасын өркүндөтүү, дыйканчылыктын ил. негиз-

делген системасын иштеп чыгуу, коруштуруп айдоо системасын дыйкан чарбаларга киргизүү ж-а топурактын асылдуулугун жогорулатуу. Ин-тта а. ч. өсүмдүктөрүнүн 100дөй сорту ж-а гибриди чыгарылган ж-а райондоштурулган, а. и. күздүк буудайдын 40 сорту ж-а гибриди (жогорку түшүмдүүлүгү 8–10 *т/га*), күздүк арпанын (8,0 – 8,5 *т/га*), жаздык арпанын (3,5 – 8,5 *т/га*), жүгөрүнүн (17,0 –18,0 *т/га*), кант кызылчасынын (60,0 – 65,0 *т/га*), помидордун (60,0 *т/га*), картошканын (25,030,0 *т/га*) ж-а пахтанын (3,2 – 3,6 *т/га*) сорттору чыгарылган. Ин-т чыгарган буудай ж-а арпа сорттору Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Тажикстан ж-а Арменияда эгилет. КРдин а. ч-сын жүргүзүү ж-а облустар б-ча ил. жакшы негизделген дыйканчылык системасы иштелип чыккан. Ин-тта 2 илимдин доктору (КР УИАнын 1 академиги, 1 корр. мүчөсү), 19 – кандидаты эмгектенет. Ин-ттун ил. экспериментт[illegible] чарбасы, 4 тажрыйба станциялары ж-а [illegible]болалары, 13 ил. бөлүмү ж-а лабор-сы бар. Ин-тту алгачкы директору А. Л. Кильчевский (1956–63), 2010-жылдан директору Ж. *Акималиев.*

Д. Акматова.

«КЫРГЫЗДЫН ГИННЕСС КИТЕБИ» – респ-дагы рекорддор ж-дөгү тунгуч маалыматтар жыйнагы. 2008-ж. 500 нускада жарык көргөн. Жыйнактын автору КР мад-тына эмг. сиң. ишмер Ы. Катыров. Китеп эки бөлүмдөн турат: 1) «Кыргызстандын рекорддору» бөлүмүндө кыргыз тарыхындагы эң кызыктуу окуялар, эң байыркы, эң жаш, эң узун, эң көп, эң чоң, эң узак, эң кичине ж. б. ж-дө кызыкча маалыматтар берилген; 2) «Биринчилер» бөлүмүндө респ-нын илим-билими, эл чарбасы, мад-ты, спорт ж. б. б-ча алгачкы рекордсмендер, башчылар, тунгуч сыйлыктар ж-а ага татыктуу болгондор ж. б. ж-дө айтылат. Бул эмгек улам жаңы маалыматтар м-н толукталып турмакчы.

КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК КИЙИМДЕРИ – элдин этностук тарыхынын ажырагыс бир бөлүгү. Кыргыз кийими ж-а анын улуттук өзгөчөлүктөрү тарыхый узак мезгилде табигый жаңдайлардын, көчмөн мал чарбанын ж-а ага байланган жашоо ыңгайынын өзгөчө шартында калыптанган. Кыргыздардын уруу-урук топторунун кочуп-конуусу, соода байланыштары, о. эле бөтөн элдер м-н узак убакытка чейин коншулаш жашашы кийимдин өнүгүшүнө таасир тийгизген. Байыркы кыргыздардын кийимдери ж-дө алгачкы маалыматтар Тан династиясынын дооруна таандык кытай булактарында кездешет. «Тан-Шунун» династиялык жазмалары ж-а 18–19-к-дагы тарыхый маалыматтар б-ча кыргыз тоболдорү кышкысын кундуз тебетей, жайкысын алтын алкагы бар, шоншогой тоболүү ж-а жээги кайрылган кийиз калпак, парча, жибек, баркыт, манат, кымкап ж-а ноотудан тигилген



Кыргыздардын 19-к-дын аягындагы кийимдери.

сырт кийим, бутуна кызыл жеке өтүк кийип, белдерине жибек жоолук курчанган. Кедейлер кылчык жүндөн токулган кездемеден, жаргактан, таардан, арзан матадан тигилген кийимдерди кийип, белдерин боз кендир жоолук м-н курчанышкан. Калпактары шөкөттөлбөгөн, буттарына соору өтүк кийишкен. Кыргыздар Кавказ, Түш. Сибирь, Алтай, О. Азия, Казакстан ж. б. аймактардагы элдер м-н мамилелеш болсо да, К. у. к. айкын этностук бөтөнчөлүккө ээ болгон. К. у. к-нин материалдык негизин тери, жүн, тыбыт ж-а сатып алынган түрдүү кездемелер түзгөн. Айбанат терилеринен жыгуу кийимдерди (*ичик, тон, тебетей*, тумак), ал берен терилеринен жортуулга кийилүүчү кийимдерди (*кандагай, жаргак шым, чалбар* ж. б.) тигишкен. Аялдар согуу жолу м-н (ормекте) өрүшүк кездемелерди токушкан, ал эми осуларынан буласынан токулган кездемелерди көңүлүнөн сатып алып же алмашып турушкан. Кийимдин 2-жарымында кийимдерди (белбоону, кур селдердин өңүрү, кеп такыялардын жасалгалоо белдемчи ж. б.) сайма м-н кооздошкон.

К. у. к. негизинен жынысына (аялдык, эркектик), жаш курагына (наристелерге, балдардыкы, кыздыкы, уулдуку) жана коомдук б-ча майрамдык, үйдө, үйөмүү үчүнкү, күтүүдө, анчылык кийимдерине бөлүнөт. Кийимдер (кышкы, жайкы) жараша бөлүнүп, кийимдери узун ж-а кенен, кыскартылган кийимдерден (к. *Көйнөк*), багалектерден (к. *Белдемчи*) гинен көрүнгөндөй кыздар менен жаш келин тигилип, бели ычкыр м-н бой-бойлорун көрсөтүп балдардан (түш. тарыхта 5–6 жаштагы балдарга бүйүрүлүп, оймо түшүрүлүп жасалган) башталган), белден ылдый кийүү белдемчиден (к. *Белдемчи*) турган. 20-к-дын 1-жарымында аялдардын сырткы кийимдери чапан болгон. Ал эр-



Заманбап кыргыз кийимдери.

кектердин чапанына окшош бычылып тигилген, боору ачык, жакасы кайырмалуу келген. Келин-кыздардын, балдардын чапандары жарымы жибек, жарымы жүн аралаш жалтырак кездемелерден жасалган. 19-к-дын 2-жарымында денеге кыналып тигилген *бешмант, кемсел* (жеңсиз), *чыптама*, пальто сымал чапан өңдөнгөн К. у. к. көбүрөөк колдонула баштаган. Кыздар үкүлүү топу ж-а тебетей, кош этек көйнөк, кемсел, өкчөлүү өтүк кийип, кооздуктарды (чачына *аркалык*, көкүрөгүнө *ала тамак, төөнөгүч*, моюнуна *мончок, шуру*) тагынышкан. Аялдардын баш кийимдери (*шокүлө, элечек, кеп такыя* же *чач кеп*, жибек ж-а дүрүя жоолук ж. б.) жаш өзгөчөлүктөрүнө ж-а социалдык абалына карата ар кандай кооздуктар, оймо-чиймелер (кеште, сайма) м-н көркөмдөлгөн. Кыргыз аялдары колдо ултарылган же булгаары өтүк, улгайып калгандары маасы, такалуу тигилген кепич кийишкен. Аялдардын кийим-кечесинин маанилүү бөлүктөрүнүн бири – кооздуктар (*чач учтук, чолпу, сөйкө-желбирөөч, сырга, шакек, билерик, бой тумар, төөнөч* ж. б.) болгон. Кооздуктарды аялдар дайыма тагынып жүрүшкөндүктөн, кийимдин ажырагыс бүтүндүгүн түзгөн. Эркектердин кийимдери негизинен *көйнөк* (жегде), ычкырлуу шалбар (жайкысын дамбал), чалбар, кандагай шым, *чепкен, тон, ичик, чапан, кементай*, кулун тон, *бешмант, кемсел, тебетей*, телпек (түш. тарапта), *ак калпак, малакай*, тумак, *топу, өтүк, маасы, кепич, чокой, чарык, кур* ж. б. кошумча жасалгалардан турган. Кыргыз элинин адаты б-ча айып тартууда, о. эле кийит кийгизүүдө, тартуу кылууда кийим-кечектер өзгөчө орунду ээлеген. Кыргыздарда кийим-кечеге кастарлоо м-н мамиле кылышат. Турмуштан көзү өткөн ата-эненин, бабалардын айрым кийимдери ыйык туткан эстелик катары балдарына, неберелерине берилген. Кыргыздардын салттуу турмушунда кийимге карата бир катар эрежелер (кийимди жерге таштоого, баш кийимге отурууга, аны ыргытууга, баштан чечип, белекке берүүгө ж-а сырткы кийимди желбегей жамынууга жаштарга жол берилген эмес ж. б.) сакталган. 20-к-дын 20-жылдарынан кийин кийим тигүүнүн жаңы технологиялары өздөштүрүлүп, европ. форма м-н улуттук элементтердин айкалышынан К. у. к-нде чоң өзгөрүүлөр болду. Учурда кыргыз элинин салттуу заманбап кийимдеринин түрлөрү көбөйүүдө.

А. Кочкунов.

КЫРГЫЗДЫН ЧЕН БИРДИКТЕРИ – кыргыздар байыртадан колдонуп келген аралык, салмак, көлөм, аянт, убакыт ж. б. сыяктуу өлчөмдөр. Жашоо шартка байланыштуу көчмөнчүлүк турмушта өтө тактык талап кылынган эмес, ошентсе да жаратылыштын кубулушуна (күн, ай, жылдыз), жер-суунун өзгөчөлүгү, маданий турмушка ылайык чен бирдиктер колдонулуп келген. 1918-ж. азыркы чен бирдиктерге өтүү ж-дө чечим кабыл алынып, 1927-ж. эски чен бирдиктеринин айрымдары колдонуудан калган. Бирок көптөгөн эски чен бирдиктер азыркыга чейин эл ичинде колдонулуп келет. У з у н д у к (аралык) бирдиктерине: чакырым (кыйкырганда адам үнү жеткидей аралык, чакыр дегенден, болжолу 1 *км*), кой көчтүк (көчкөндө койду жайып, айдап жүрүп түнөгөн аралык, болжолу 6–8 *км*), конолго (ат жүрүшү м-н конуп өтө турган аралык, болжолу 50–60 *км*), фарсант (ар. 8 чакырым же 8–9 *км*), кез, гез, газ (71–105 *см*, бир колдун учунан экинчи колдун колтугуна чейинки аралык), сере (5–6 *см*, 4 манжанын салааларын анча бириктирбей, ачыгыраак коюп өлчөгөндөгү жазылык), бута атым (жебенин учу-аралыгы, болжолу 50 кадам, 40–45 *м*), зар (28 *см*), кары (болжолу 1 *м*, көкүрөктүн ортосунан сунулган колдун манжасынын учуна чейинки аралык), мил (болжолу 2 *км*), кулач (эки колду кергендеги колдордун учтарынын ортосундагы аралык), кере кулач (өтө кере сунулган кулач), төш жары (кулачтын жарымы, кары м-н бирдей), эли (1 манжанын эни), укум (бармактын учунан сөөмөйдүн бүгүлгөн учуна чейинки аралык), сөөм (сөөмөй м-н бармакты жазып жибергендеги аралык), карыш (бармак м-н ортонду кергендеги аралык), кере карыш (өтө кере созулган карыш), мерген карыш (сөөм м-н бирдей), бычак мизиндей (өтө жука), бычак сырты (жука, калыңдыгы бычактын сыртынчалык, аз эле, бир аз), таман (төрт эли), ат чабым (болжолу 25–30 *км*), тай чабым (болжолу 3 *км*), кунан чабым (болжолу 5–7 *км*), кадам (арыш, адымдын уз.), тапан (тамандын узундугундай аралык), аттам (кадамдан бир аз узун аралык), арыш (кадам, адым, арымдын уз.), тизе бою (жерден тизеге чейинки аралык), ат кесерден (аттын омуроосуна чейинки аралык), тушардан (аттын бутунун тушамыш салынуучу жеринен чачыгынын үстүнө чейинки аралык), кереге бою (боз үйдүн керегесинин боюнчалык аралык), киши бою (кишинин боюндай аралык), укурук бою (укуруктун узундугунчалык аралык), аркан бою (аркандын узундугунчалык аралык), муун (колдун бир муунундай), муунга ченеп өлчөө (колдун манжасынын муунуна ченөө), бакса (сокмо дубалдын катмарларынча аралык), тутам (тутамдап кармаганда муштумдун бийиктигине барабар узундук, төрт эли) ж. б.; с а л м а к (оордук, сыйымдуулук) бирдиктерине: бут, пуд (16,38 *кг*), батман (4,095 *кг*, Таласта 12 *пуд*га, Ош, Жалал-Абад, Алайда 8–10 *пуд*га барабар оордук чени), жың (560 *г*), чексе, чакса (5–6 *кг*), мыскал (4,30 *г* же жүз даана арпа даны 1 мыскал), сер, зер (0,10 *г*), чейрек (кайсы бир өлчөмдүн $^1/_4$ бөлүгү) кадак (409,5 *г*), дирхем (3–3,5 *г*га, барабар күмүш акча), арпа (0,05 *г*), пайса (25,6 *г*), челек (12,5 *л*), кап (9–10 *пуд*), токту кап (3 *пуд*), кой кап (6 *пуд*), торпок кап (7 *пуд*), тай кап (9–10 *пуд*), аш кашык, чай кашык, чөмүч ж. б., к ө л ө м бирдиктерине: чымчым (бир чымчым кармоого келген өлчөм, эң эле аз, кичинекей), ууч (колдун манжаларынын алаканды көздөй ийип бүрүштүргөндөгү ичинде туура келген өлчөм), кочуш, кош ууч (эки колду бири бирине тийиштирип туруп, манжаларын ичин көздөй ийгендеги ичине туура келген өлчөм), чымчып буума (өтө толтура), капорто (ортосунан, белинен), кесим (кесилген бир бөлүк), бир кулак суу, ныпым, көлөмдүн салыштырылган болжолдуу өлчөмдөрү (кичинекей, тырнактай, тырмактын агындай, кенедей, кыпындай, бармактай, чыпалактай, баштык, тулуп, кап, этек, ороо, чабак, челек, таруудай, буурчактай, буудайдай, койдун корголундай ж. б.); а я н т бирдиктерине: теше (1,09 *га*), танап ($^1/_6$ га, бир жагы 60 кез болгон чарчы аянт, болжолу 1820 $м^2$), батман (2 теше), бармак басым, алакандай, үй орсундай; к у р ч а м бирдиктерине: тутам (колдун бармагы бир жагына, калган 4 манжасы экинчи жактан имерилип келип кармаганда, алардын ичине толтура кымтый кармалган нерсенин өлчөмү), кучак (эки колдоп кучактаганда ичине камтылган нерсе), билектей, сандай, өгүздүн белиндей, кылдай; у б а к ы т бирдиктерине: доор, кылым (100 жыл), жыл (12 ай же 365 күн), мурдагы жылы, былтыр, быйыл, эмдиги (келерки) жылы, ай (30 күн), ай жаңырганда, ай толгондо, жума, апта (7 күн), күн, мурдагы күнү, кечээ, бүгүн, эртең, бүрсүгүнү, андан аркы күнү, заматта, көз ирмем (көз ачып жумгуча, бир паста, тез арада), чай кайнам, сүт бышым (15–25 мүнөт), эт бышым (2–3 *с*), күн бою, чак түш кез (учур, мезгил), чейрек, бүлбүл, таң куланөөк, таң супа салганда, таң ата, үрүл-бүрүл, таңкы наар, таң азанда, күн кылтыйганда, күн чыкканда, күн көтөрүлгөндө, күн текши чыкканда, күн тийгенде, шашке, улуу шашке, чоң шашке, жалган түш, түшкө жакын, чак түш, түш ооганда, бешим, эрте бешим, ала көлөкө, кеч бешим, дигер, намаз дигер, күүгүм, күүгүм талаш, күн батарда, күн батып баратканда, намаз шам, ак шам, иңир, кеч күүгүм (беймаал), каш карайганда, куптан, эл орунга отурганда, жатар, эл текши уктаганда, түн ортосу, түн ортосу оогондо, түн каракчы, таң каракчы, таңга жуук, таңга маал, саар, апак-шапак, эрте, кеч, эртели-кеч, күн сайын, күн бою, таң атпай, кеч курун, карангыда, күндүз, маал, жыл ичинде, жыл бою, кемпир шабдаалы жегиче; саноо, с а н бирдиктерине: түмөн, азар-түмөн (он миң, өтө көп, жер жайнаган, миң сан), сансыз (эсеп жеткис, сан жеткис, көп), эсепсиз (өтө эле көп, болжолсуз, ченемсиз), же жайнаган (өтө көп), илек (жүз миң), сан (он миң, өтө көп), басым (упайда үч чүкө), бирдин үчү (ордодо беш чүкө), камчыга ченеп бөлүү (жасаганына, эмгегине жараша бөлүү), батман (көп деген мааниде), чейрек, үлүш (бир нерсенин бөлүгү), мындан сырткары «бир» деген сөз кыйла, топ, далай, канча, нече, катар деген сөздөр м-н кошо айтылганда көптүктү, арбындыкты билдирет; а к ч а бирдигине: сом, тыйын, мүрү (5 тыйын) ж. б. кирет.

Ы. Кадыров.

«КЫРГЫЗ ЖАНА КЫРГЫЗСТАН ТАРЫХЫ БОЮНЧА ТАНДАЛМА ЭМГЕКТЕР» – бөлгөлүү этнолог, түрколог С. М. Абрамгондун эмгеги; автордун 1970-ж. чейин жарык кергөн эмгектеринин жыйындысы. Китеп кыргыз тилине которулуп (которгондор – С. Мамбеталиев, Д. Сулайманкулов, С. Макенов). «Кыргыз Республикасында гуманитардык билим берүүгө өзгөртүү» программасынын талаптарына ылайык КРдин Билим берүү, илим ж-а мад-т мундатрлиги м-н бирдикте «Кыргызстан – Сорос» фонду тарабынан 1999-ж. чыккан. Эмгекте кыргыз элинин этностук тарыхынын, турмуш-тиричилигинин ж-а мад-тынын ар түрдүү жагдайларына таандык этногр., тарыхый маалыматтарды талдоонун ж-а корутундуларын негизинде кыргыздардын этностук ж-а маданий турпатынын кандай жол м-н калыптанганы баяндалын, алардын О. Азия, Түш. Сибирь ж-а Борб. Азия элдери м-н болгон этногенездик, тарыхый-маданий байланыштары изилденген.

Эмгек 2 бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгүндө негизинен кыргыздар ж-дө тарыхый маалыматтар, алардын этноген. ж-а тарыхый-маданий байланыштары, кыргыз элинин этностук тарыхынын маселелери, негизги кесиптери, материалдык мад-ты ж-а иск-восу, коомдук ж-а үй-бүлөлүк турмушу, оозеки поэтикалык чыг-лыгы изилденген; экинчи бөлүгү кыргыздардын каада-салты, этногр. маалыматтардагы этногенез маселелери, этностук курамы, этностук тарыхын үйрөнүүдө элдик уламыштардын мааниси тууралуу изилдөөлөргө арналган. Эмгек кыргыз элинин 20-к-дын ортосуна чейинки каада-

салт, үрп-адат, мад-тын окуп-үйрөнүүдө баалуу эмгектердин бири болуп саналат.

КЫРГЫЗ ЖАҢЫ ЖЫЛКЫСЫ – Кырг-ндагы жерг. кыргыз жылкысы м-н дон ж-а талаа асыл тукум минги жылкысын аргындаштыруудан чыгарылган порода. 1954-ж. порода катары бекитилген. Асыл тукум иши Кырг-ндын кескин континенттик климатына ж-а бийик тоо шартында пайдалануу үчүн тулку бою келишимдүү, чымыр жылкы чыгарууга багытталган. Жаңы



Кыргыз жаңы жылкысы.

породаны чыгарууга И. Н. Чашкин, Ф. А. Приходько, Ч. Кудайбергенов, С. Д. Панченко, А. Дөөлөтбаков ж. б. катышкан. Жаңы порода үч типке болгнот: биринчиси – негизги (мүнөздүү), экинчиси – келбеттүү (сөөктүү) ж-а минги жылкы. Бул типтеги жылкылар дене түзүлүшү, чондугу, табияты, жумушка чыдамкайлыгы м-н жерг. шартка байыр алышы жагынан бири биринен коп айырмаланат. Бээлеринин орт. өлчөмү: боюнун бийикт. 150,8, көкүрөк курчамы 179,6, бутунун жоондугу 18,7 *см*, тирүүлөй салм. 447,0 *кг*. Ар 100 тубар бээден 65–85 кулун алынат. Күлүктүгү: 1200 *м* аралыкты 1 *мин* 18,7 *сек*, 1600 *м* –1 *мин* 46 *сек*, 2400 *м* – 2 мин 45 *сек* чуркап отот. Кулун-тайы күнүнө 800–1000 *г* салмак кошот. Бээси саан мезгилинде (5 ай) 2200 *кг* сүт берет.

КЫРГЫЗ ЖЫЛКЫСЫ – кыргыздын жерг. жылкысы; байыркы жылкынын бири. Өзбекстан, Тажикстан ж-а Казакстанда да асыралат. Тоолуу жерде жыл бою үйүрлөштүрүп багуу шартында алынган. Борб. Азияның түштүгүндөгү жылкы м-н аргындаштырылган. Азыркы К. ж. тукур, чымыр, мойну кыска, соорусу жазы, оңу көбүнчө тору же жээрде. К. ж-нын орт. өлчөмү: оркочүнөн бийикт. 136,0–140,3 *см*; тулку боюнун уз. 141,2–142,8, көкүрөк курчамы 165,2–169,6, бутунун жоондугу 17,8–18,4 *см*. Бул жылкынын ирилери Ысык-Көл, Чүй, Талас ж-а Фер-



Кыргыз жылкысы.

гана өрөөндөрүндө таралган. Кичинелери Тянь-Шань, Памир, Алай ж-а Алтайдын тоолуу райондорунда кездешет. К. ж. кеч (7–8 жылда) жетилет, багууну анча талап кылбайт, жыл бою жайытта багылат, кышкы суукка байымдуу, карды тээп оттойт. Ал көбүнчө минги ж-а көлүк катарында колдонулат. Бээси төлчүл (100 бээден 80–85 кулун), сүттүү (суткасына орт. 13 *л*). Ал кыргыз жаңы жылкысын чыгарууда пайдаланылган.

КЫРГЫЗ ИРРИГА́ЦИЯ ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ, КРдин Айыл чарба министрлигинин алдында. Ин-т 1953-ж. СССР ИАнын Кыргыз филиалынын курамында уюшулган. 1973-ж. Бүткүл союздук мелиорация системасын комплекстүү автоматташтыруу ИИИ болуп түзүлгөн. 1992-ж. азыркы аты м-н аталып, 2002-жылдан Агр. илим ж-а консультациялык кызмат борборунун карамагына өткөрүлгөн, 2008-жылдан кайрадан министрликтин карамагында. Негизги ил. багыты – КРдин аймагындагы тажрыйба жерлердин негизинде туздуу жерлерди мелиорациялоо, мониторинг жүргүзүү ж-а маалымат базасын түзүү; мелиорациялык гидрогеология, суу чарба маселелерин ж-а гидрогеол. процесстерди моделдештирүү; сугат ж-а суу м-н камсыз кылуу маселелеринин ил. негиздерин иштеп чыгуу; такыр ж-а нымдуу жерлердин чолго айланууусу м-н күрөшүү; дарыялар ж-а каналдардагы суунун сапатына мониторинг жүргүзүү. Ин-т респ-нын аймагындагы шор жерлерге мониторинг жүргүзүп, а. ч. өсүмдүктөрүн сугаруунун жакшыртылган технологиясын сунуштаган; электр суу насосторун ж-а суу кудуктарын пайдалануу механизми ойлонуп табылган; сууну рационалдуу пайдалануу б-ча автоматташтырылган система иштелип чыккан ж. б. Ин-ттун курамында мелиорация ж-а жер сугаруу багытында 5 лабор., суу чарбасын техника ж-а маалымат каражаттары м-н камсыз кылуу багытында 3 лабор. бар. Ин-тта 52 кызматкер, а. и. 15 илимд. кандидаты иштейт. Ин-ттун алгачкы директору Б. М. Мамбетов (1953–54), 1992-жылдан К. М. Кулов.

КЫРГЫЗ-КАБА КОРУКЧАСЫ – Базар-Коргон р-нунун аймагындагы ботан. корукча (заказник). Каба суусунун алабында, Бабаш-Ата кыркa тоосунун этегинде жайгашкан. Аянты 50 *га*. Юнон өскөн аймакты коргоо максатында 1957-ж. уюшулган.

КЫРГЫЗ КАГАНДЫГЫ – болжол м-н б. з. ч. 1-к-дан мурда түзүлгөн Борб. Азиядагы ири мамлекеттин бири. Тан династиясынын (б. з. 618–907) тарыхында (Тан-шу) кезиккен К. к. ж-дө алгачкы маалымат б-ча байыркы мезгилде *хунндардын* батыш чек арасынан орун алган Хакяньсы, Хагас, Хягас, Гяньгунь (кээде Гюйву, же Гйегу) деп аталган (к. *Ге-гун*) мамлекет Хамынин (Комул) батышында, Кара-Шаардын түндүгүндө ж-а Ак-Тоонун (Ала-Тоо) жанында жайгашкан. Б. з. ч. 50-жылдары күүнү башкаруучуларынын (шанүй) бири *Чжичжы* түндүктө *динлиндерди* жеңип, батыштагы Гяньгунь мамлекетин талкалаган. Б. з. 3-к-да гяньгундардын ээлеги *Кангүйдун* түн.-батышынан орун алып, 30 миң тандамал аскери болгон. 5-к-дын башында аны *жужандар* басып алып, *Түрк кагандыгы* түзүлөрдүн (552) алдында б. з. (Хягас) кайрадан күчтүү мамлекетке айланып [чыгыштагы чек арасы гулигандар турган жер (Байкал), түштүгү Тибет, түш.-батышта гэлолуулар (карлуктар) чейин созулган деп түшүндүрөөт], аймак жагынан *түркөтгө* (тукюе) тең келишкен. К. к-нын жүз миң түтүн эли, 80 мин аскери болгон. Түрк кагандыгы күч алганда (603-жылдан кийин), Муюй хан Корей булунунан батыш денизге (Жер Ортолук же Каспий) чейинки аймакты багындырып, түндүктө кыргызда; дың (Цигу) да жеңип алган. Ушул мезгилден баштап жазма булактарда Түш. Сибирдеги К. к-к-дө маалыматтар пайда болгон (к. *Енисей кыргыздары, Кыргыздар*). Бул учурда кыргыздардын мамл. адм. башкаруу түзүлүшү калыптана баштаган. Кагандын мамлекет башкара турган үч министри (Гйесибей, Гюйшабо-бей, Ами-бей) болгон. 648-ж. кыргыз элтебери (Сылифа) Жибокюй Ачжанды Кытай императору Тайцзунун кабыл алганы ж-а кыргыздар ээлеген аймак Гянь-гунь деп аталган маалыматтар бар. К. к. Кытайга 650–83-ж. 2, 713–55-ж. 4 жолу элчи жиберген (к. *Кыргыз-кытай дипломатиялык алакалары*). 758-ж. уйгурлардын басып алышы м-н хягас элчилери Кытайга барбай калган, бирок араб ж-а карлуктар м-н соода мамилесин күчөткөн. 820-ж. К. к. м-н *Уйгур кагандыгынын* ортосунда согуштар башталып, 840-ж. кыргыздар уйгурлардын борбору Ордо-Балык ш-н басып алган. 9-к-дын орто чени – 10-к-дын башында К. к. кайрадан күчтүү мамлекетке айланып, бул мезгил илимде «Улуу Кыргыз державасы» деп ата-



лып калган. 11–12-к-да К. к-нын ээлиги Саян-Алтай аймагы м-н гана чектелген. 1207-ж. кыргыз бийлери (инал) моңгол баскынчыларына согушсуз багынып беришкен. 1291-ж. кыпчактардын башчысы Тутуха енисейлик кыргыздарды басып алып, аларга жардамга жиберилген Хайдунун колун кошо талкалаган. Бул жактагы кыргыздар ж-дө акыркы кабар 1295-ж. кезигет. Анда кыргыздардын бир тобу Алтайдан Шаньдун аймагына көчүрүлгөнү тууралуу маалыматтар айтылат.

Ад.: *Кюнер Н. В.* Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока, М., 1960; *Худяков Ю. С.* Кыргызы на просторах Азии. Б., 1995; *Бартольд В. В.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1996; *Бернштам А. Н.* Избранные труды по археологии, истории кыргызов и Кыргызстана (в 2-х томах). Б., 1998; *Бичурин Н. Я. (Иакинф).* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. Т. 1. А., 1998; *Абрамзон С. М.* Кыргыз ж-а Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1999; *Аристов Н. А.* Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. Б., 2001.

КЫРГЫЗ-КАЛМАК (ОЙРОТ) СОГУШТАРЫ (17–18-к.) – Жунгар хандарынын кыргыздарга ... шы жүргүзгөн баскынчылык жортуулдары. ... гуштук экспанциясы. 17-к-дын 30-жылдарында түзүлгөн ойрот (калмак) урууларынын ... союзу (к. *Жунгар хандыгы*) О. Азияга (1635–36-жж.) ... 1643-, 1653-, 1658-, 1681–84; 1711–12; 1714-, 1717-, 1723-, 1725-, 1739–41; 1745–48) тынчтык жок ... салып турган. Натыйжада 1635–36-жж. ... түтүн кыргыз Каратегин, Ысарга (Ысфара) ... сүрүлгөн (Махмуд ибн Валинин эскерүүлөрү). ... 1643-ж. Эрдене Баатур контайжи ... ту 50 мин колу м-н Токмокко чейин ... гыз-казактардан жеңилип ... Чечен (Цецен) хандын уулу Гандан (Ганданбаатыр) ... да Калдама) Талас суусунун ... лык Абдышүкүрдүн колуна ... тап турган. 1681–85-жж. ... дын аскери Чүй өрөөнү ... аркылуу бир нече жолу ... кент, Ош, Өзгөн. Сайрам ... Чүй, Талас (Чон-Кемин, Кочкор) ... рүндө да калмактар турганы ... тар бар. Бирок кыргыздар калмак бийлигин тааныган эмес. 1744–45-ж. кыргыздар коншу эл-

дер м-н бирге калмактарга каршы ийгиликтүү жүрүштөрдү уюштурган. 1745-ж. Касан ш-нын чыгышындагы миң түтүн кыргыз Абдыкерим бийге (к. *Кокон хандыгы*) кошулуп, калмактарды Ташкент ш-нан сүрүп чыгышкан, о. эле кашкарлык Акмат (Ахмет) бийге жардам беришип, калмактарды эки жолу катуу талкалагандыктан, Доржу жайсаң башында турган 10 миң колдон 3 миңи гана аман калган. 1749-ж. Якоб (Ягба) Жайсаңга кол салып, 300 кишисин кырып, Кашкарды камоого алган. Кыргыз тарыхында: Иленин башында (Тарбагатай) болгон кыргыз-калмак согушунда сарыбагыш уруусунан Эсенкул баатыр, бугу уруусунан Шапак 300 кол м-н калмактарга кол салган, анда 270 калмак өлүп, кыргыздар 17 кишисинен ажырагаңы тууралуу айтылат. Жуңгария күч м-н Цин империясынын курамына киргенден (1758) кийин да кыргыз-калмак согуштары уланган. 1771-ж. Волга жээгинен Убашы башында турган калмактар (болжол м-н 30 миң түтүн) Жуңгарияга качканда, кыргыздар аларды Сарытокумдан (кыт. «Шара-бэл» – Иленин Балхашка куйган сол жээги) Тамга суусуна (Кулжа ш-на жакын) чейин кууп барышкан. Калмактардан 10 миңдей киши гана Кытайга жеткен. К.-к. (о.) с-нын окуялары элдик оозеки ад-ттарга, санжыраларга ж-а эпосторго («Манас», «Эр Табылды», «Курманбек», «Гүлгаакы» ж. б.) кирип, жер-суу аттары («Калмак-Коргон», «Калмак-Таш», «Калмак-Ашуу», «Калмак-Кечүү» ж. б.) да К.-к. (о.) с-на байланыштуу аталып калган.

Ад.: Казахско-русские отношения в XVI–XVIII веков (Сб. документов и материалов). А., 1961; *Златкин И. Я.* История Джунгарского ханства (1635–1758 гг.). 2-ое изд. М., 1983; *Кузнецов В. С.* Цинская империя на рубежах Центральной Азии. Новосибирск, 1983; *Моисеев В. А.* Джунгарское ханство и казахи. А., 1991; *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. Т. 1. Б., 1993; *Сапаралиев Д.* Взаимоотношения кыргызского народа с русскими и соседними народами в XVIII веке. Б., 1995; *Андреев И. Г.* Описание Средней орды киргиз-кайсаков. А., 1998; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 2. Б., 2003.

Э. Турганбаев.

КЫРГЫЗ КАМВОЛДУК-НООТУ КОМБИНАТЫ – ачык акционердик коом (2004), Борб. Азиядагы текстиль өнөр жай компаниясы. Бишкек ш-нда жайгашкан. Комбинат 1963-ж. негизделген. Негизги продукциялары: костюм, пальто ж-а көйнөк үчүн жарымы жүндөн ж-а таза жүндөн токулган камволдук ж-а нооту кездемелери, жиптер, о. эле шалы жоолуктар, жууркандар Россияда, Өзбекстанда, Казакстанда, Италияда, Индияда, Түркияда кеңири белгилүү. Өндүрүш көпчүлүгү чет мамлекеттен сатып алынган технол. жабдуулар м-н жабдылган.

КЫРГЫЗ КАЧКЫНДАРЫН ЖАЙГАШТЫРУУ БОЮНЧА АТАЙЫН КОМИССИЯ – 1916-ж. Кытайга качкан кыргыздарды (к. *Үркүн*) өз жерине кайтарып, аларды жайгаштыруу максатында 1918-жылдары Жети-Суу обл-нда уюштурулган комиссия. Анын тоpагалыгына Т. *Жанузаков* дайындалган. Комиссия качкындарды өз жерине кайтаруу үчүн Кытай мамлекети м-н сүйлөшүү жүргүзүп, элине кайткандарга үй-жайын, чарбасын калыбына келтирүүгө көмөктөшүп, жер бөлүп берип, мал, акча, үрөн ж. б. м-н камсыз кылган. Ал 1927-жылдын аягында жоюлган.

КЫРГЫЗ КИНОСУ 1917-ж. чейин Кырг-нда кино ишмердиги болгон эмес. Пишпек ш-нда (азыркы Бишкек) гана бир киноустановка болгон. 1918-жылдан кино тармактар пайда болуп, респ-канын шаарларында кинотеатрлар курула баштаган. О. Азия элдеринин турмушун чагылдыруу максатында атайын уюштурулган «Востоккино» уюмунун аракети м-н Кырг-н ж-дөгү алгачкы киносюжеттер ж-а фильмдер 20-жылдардын аягында экранга чыга баштаган Советтик геогр. кинонун негиздөөчүсү В. Шнайдеровдун сценарийи б-ча «Өлүмдүн этеги» (1928) ж-а «4500 метр бийиктикте» (1931) саякат фильмдери тартылган. 1930-жылдардан кино өндүрүшү өнүккөн, ага М. Каюмов баштаган өзбек кино ишмерлери чоң көмөк көрсөтүшкөн. 1939-ж. Кыргыз ССР ЭКС «Фрунзе ш-нда кинохроникаңын туруктуу кабарчылык пунктун уюштуруу жөнүндө» токтом кабыл алган. 1942-ж. Ташкент корреспонденттер пунктунун базасында Фрунзе кинохроника студиясы уюшулуп, хроникалык ж-а документ фильмдер коюла баштаган. «Советтик Кыргызстан» киножурналынын биринчи номери 1943-ж. чыккан. «Кыргызстан Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында» ж-а «Эң жогорку сыйлык» (1944), «Советтик Кыргызстан» (1947), «Тоодогу плотина» (1955) ж. б. маанилүү, кыргыз элинин патриоттуулугун даңазалаган даректүү фильмдер чыгарылган. 1946–47-ж. студияда толук метраждуу «Советтик Кыргызстан» даректүү фильми тартылган (сценарийи А. Токомбаевдики, реж. М. Слуцкий). 1950-жылдардын ортосунда студияда Москвадан, Ленинграддан атайын билим алышкан кино ишмерлер: реж. Д. Эрдман, Н. Жданова, М. Слуцкий, М. Варейкис, Т. Океев, Л. Турусбекова, операторлор С. Авлошенко, Г. Николаев, И. Герштейн, А. Кочетков, К. Кыдыралиев, М. Туратбеков, Б. Бурт, В. Барышников, И. Колсанов, А. Барковский; үн операторлору И. Гунгер, Л. Копытев ж. б. иштей башташкан. 1960-жылдардын башында М. Убукеев, Д. Садырбаев, С. Ишенов, Г. Базаров, К. Өмүркулов, Б. Шамшиев ж. б. улуттук кадрлар м-н толукталган кыргыз кино документалисттери фильмдердин тематикасын кеңейтишкен. Бул жылдары «Тоолорго үч жооп» (реж. И. Герштейн), «Бул менин жерим» (реж. М. Визитей), «Күнгө кайрылгандар» (реж. А. Видугирис, И. Моргачев), «Тоо



«Каныбек» көркөм фильминен кадр. Режиссёр Т. Океев.



«Ак илбирстин тукуму» көркөм фильминен кадр.

чокуларын жердегендер» (реж. Д. Эрдман), ж. б. фильмдер кеңири белгилүү болгон. Кыргыз документ киносунда биринчи жолу жабык камера ж-а үн чыгаруучу эффекттер колдонулуп, «Заводдогу жолугушуулар» (реж. Ю. Герштейн, 1963), «Күн карагандар» (реж. А. Видугирис, И. Моргочев, 1963), «Мен жана менин досторум» (реж. Л. Турусбекова, 1960), «Тоо дарыялары», «Акын» (реж. М. Убукеев, 1960) – кыргыз элинин турмушун поэтикалык формада чагылдырган фильмдер жаралган. Кыргыз эл сүрөтчүсүнө арналган «Сүрөтчү Чуйков» (реж. И. Герштейн), «Манас» эпосунун сюжети б-ча «Улуу эпос» (реж. Л. Турусбекова) фильмдери тартылган (экөө тең 1962). Улуу манасчы С. Каралаев ж-дөгү Б. Шамшиевдин «Манасчы» фильми (1965) Оберхаузенде өткөн ЭКФде башкы сыйлыкка татыктуу болгон. Режиссёр фильмде С. Каралаевдин айтуусундагы «Чоң казатты» тарыхый фотодокументтер м-н көркөмдөгөн. Кийин «Манасчы» (реж. М. Убукеев, 1989), «Кааба» (реж. Ш. Апылов, 1992), «Менин пирим Алмамбет» (реж. Э. Абдыжапаров, 1993) фильмдери тартылган. 1960–70-жылдары режиссёрлор замандаштарынын ички дүйнөсүн толук ж-а көп кырдуу изилдөөгө умтулган – 1965-ж.: «ПСП» (реж. А. Видугирис, Д. Асанова), «Гиппократтын анты» (реж. И. Горелик); 1966-ж.: «Бул – аттар» (реж. Т. Океев), «Саякбай Каралаев», «Советтер Союзуна кызмат кыламын» (реж. М. Убукеев); 1967-ж.: «Кумдагы сепил» (реж. А. Видугирис), «Кыял» (реж. Ш. Апылов), «Нарын жылдыздары» (реж. Б. Абдылдаев); 1968-ж.: «Чыңгыз Айтматов (реж. Герштейн); 1969-ж.: «Боом» (1970, «Мурас» (реж. Т. Океев). Б. Шамшиевдин «Чабан» (1966) фильми чыккандан кийин Кырг-нда документ кинонун өнүгүшүнүн жаңы этабы башталып, «Бакча» (1967), «Почта» (1971, реж. Б. Абдылдаев,), «Вахта» (1968), «Нарын күндөлүгү» (1972, А. Видугирис), «Ээрди бекем карма», «Ала-Тоо жазы» (1971), «Чүй өрөөнү» (1973, реж. Д. Садырбаев) ж. б. документ фильмдер тартылган. 1970-ж. кинопортрет жанрындагы фильмдер жарала баштаган: «Гитара» (1973, М. Жыргалбаев) – кыргыз гитаристи Д. Назарматовдун портрети; «Искусство баяны» (1974, Г. Базаров); «Айтматов» (1989, реж. Г. Базаров), «Ааламга тең өмүр» (1999, Т. Ибрагимов), «Айтматов Германияда» – үчөө тең Ч. Айтматовдун кинопортреттери; «Отто Барч» (1974, реж. К. Абдыкулов) – белгилүү спортсмен ж-дө; «Делегат» (1976, реж. К. Орозалиев) – тигүүчү, КПССтин 25-съездинин делегаты Т. Сагынбаева ж-дө; Б. Кыдыкеева (1977, реж. Л. Турусбекова) – белгилүү актрисанын портрети ж. б., о. эле жумушчуларга жасалган камкордук ж-дөгү даректүү кинолор чыккан. 1980-жылдарда документалисттер өндүрүштүк темада көптөгөн фильмдерди тартышкан. «Лава» (1970, реж. Ү. Ибрагимов); «Ширетүүчүлөр» (реж. Ш. Апылов), «Эмне үчүн сыйлык?» (реж. Герштейн), «Ким «макул», ким «каршы» (реж. С. Давыдов), «Оштук токуучулар» (реж. К. Усупжанов) [illegible] дыгы 1973-ж.; «Кадимки рейс» (1976, реж. И. Ко[illegible]кеев) ж. б. Респ-кадагы гидрокурулуш [illegible] дагы фильмдер: «Бетон жөнүндө [illegible] реж. ж-а оператор С. Давыдов), [illegible] ГЭСинен хроника» (1974, реж. [illegible] «Токтогул көлү – биринчи күн» [illegible] чы жок күндүн жылында» (1977, [illegible] рис). Ошону м-н бирге социал[illegible] ден четтеген жаңы күтүүсүз ма[illegible] дер пайда болгон. Мындай [illegible] сёрлор К. Юсупжанованын [illegible] ман», «Жолборс жайлоодо[illegible] койду [illegible] кетти», Ш. Апыловдун «Кыйыр», К. А[illegible] дун «Жорго», «Тушамын» [illegible] Жапаров[illegible] монавттын конушу», К. Кыдыралиевдин «[illegible] шик» (скульптор Т. Садыков ж-дө) ж. б. фильмдер кирет. 1990-жылдан тартып Кырг-[illegible] коомдук турмушундагы жаңылануулар [illegible] да өзгөрүүлөрдү жараткан. Э. Абдыжапаров [illegible]

«Бекет» (1994), «Таранчы» (1997), «Алдей», «Альгамбра» (2000), Т. Бирназаровдун «Ыйлаба, керик» (1994), «Шайтан көпүрө», «Жайык» (1995), Б. Айткулиевдин «Терезе» (1995), А. Абдыкуловдун «Селкинчек» (1995) фильмдеринде адамдардын өткөол мезгилдеги кыйынчылыктарды жеңүү аракети чагылдырылган. 2000-жылдары даректүү фильмдерди тартуу бир топ жанданып, «Жараткан менен атаандашып» (реж. М. Жыргалбаев, 2007), «Айтматов жана коруучу», «Боордош» (реж. Р. Шаршенов, 2008), «Кадыржан», (реж. Б. Абдылдаев, 2008), «Гүлдастан» (реж. Н. Борбиев, 2010), «Тоо ханышасы» (реж. З. Эралиев, 2010) ж. б. даректүү фильмдер тартууланган.

1927-ж. «Өзбеккино» студиясы тарабынан Кырг-нда алгачкы «Чүмбөттүү араба» көркөм фильми (реж. О. Фрелих) тартылган. Андан кийин 1936-ж. «Союздетгизфильм» киностудиясынан балдардын окуялуу «Айгүл» (реж. Ю. Васильчиков) көркөм фильми чыккан. Бул фильмдер экранга чыккан мезгилде Кырг-нда киностудия болгон эмес. 1950-ж. Фрунзе хроникалык-документ фильмдер студиясында көркөм фильмдер тартыла баштаган. 1955-ж. респ-канын экрандарында «Мосфильм» киностудиясы м-н биргелешип тартылган «Салтанат» (реж. Б. Пронин) фильми коюлган. «Салтанат» – кыргыз көркөм киносунда улуттук кинематографиянын өнүгүшүнө жол ачкан фильм. 1956-ж. хроникалык-документ фильмдердин киностудиясы документ-көркөм фильмдердин студиясы болуп кайра уюшулган. Студияда ал жылдары «Менин жанылыштыгым» (1957, реж. И. Кобызев), «Токтогул» (1959, реж. В. Немоляев), «Алыскы тоолордо» (1958, реж. А. Карпов), «Муз жүрөк жөнүндө баян» (1958, реж. А. Сахаров, Э. Шенгелая), «Чолпон – таңкы жылдыз» кино-балети (1959, реж. Р. Тихомиров), «Тянь-Шань кызы» (1959, реж. А. Очкин) фильмдери коюлган. 1950–60-жылдары сырттан атайы чакырылган режиссёрлордун ж-а «Мосфильм», «Ленфильм», «Казакфильм» киностудияларынын чыг-лык иштиктүү жардамы м-н жаш кыргыз киносу эл аралык деңгээлге көтөрүлгөн: «Муз жүрөк жөнүндө баян» (1960, реж. Э. Шенгелая ж-а А. Сахаров), «Аптап» (1962, реж. А. Шепитько), «Биринчи мугалим» (1965, реж. А. Михалков-Кончаловский, «Мосфильм» м-н бирге) ж. б. Фрунзе киностудиясы 1961-ж. «*Кыргызфильм*» киностудиясы болуп түзүлгөн. 1960-жылдары кыргыз улуттук киноискусствосунун өсүшүнүн башталышы болду. ВГИКтин ж-а жогорку режиссёрдук курстун бүтүрүүчүлөрү М. *Убукеев*, Т. *Океев*, Б. *Шамшиев*, Г. *Базаров* ж. б. алгачкы чыгармаларын жаратышкан. М. Убукеевдин «Тайгак кечүү» (1964) фильминде 1916-жылдагы үркүндө кыргыз элинин майтарылбас эрки, кеменгерлиги чагылдырылган. 1966-ж. Т. Океев алгачкы «Бакайдын жайыты» фильмин тартып, анда кыргыз элинин жашоотурмушундагы өзгөчөлүктөрдү көркөм сүрөттөгөн. Ата конушу, жаштардын жаңы келечекке умтулуусу фильмдин башкы өзөгүн түзөт. «Уркуя» (1970) фильмине Токтогул атн. мамл. сыйл. ыйгарылган. К. к-нун эле эмес, чет олколук кинонун өнүгүшүнө да улуттук ад-ттын, айрыкча Ч. Айтматовдун чыгармалары зор таасир тийгизген: «Саманчынын жолу» (реж. Г. Базаров, 1967); «Ак кеме» (реж. Б. Шамшиев, 1975; Фрунзеде өткөн кинофестивалдын чоң байгеси, 1976; СССР мамл. сыйл., 1977 ж. б.); «Кызыл алма» (реж. Т. Океев, 1975; Локарнодогу, Швейцария ЭКФтин ардак диплому, 1975). «Аптап» (реж. Л. Шепитько, 1961), «Жамила» (реж. И. Поплавская, 1969, «Мосфильм»), «Гүлсарат» (реж. С. Урусевский, 1969, «Мосфильм»); «Сүйүү жанырыгы», «Эрте жаздагы турналар» (реж. Б. Шамшиев 1975; 1979, «Ленфильм», «Кыргызфильм»), «Кызыл жоолук» (реж. Й. Дуру, 1979, Түркия), «Фудзиямадагы кадыр түн» (реж. Б. Шамшиев, 1989); «Жамила» (реж. М. Тейбер, 1994, АКШ); «Ак булуттун артында» (реж. С. Тарасов, 2009), Россия; «Теңир. Көк аспан» (реж. М.-Ж де Пошевиль, 2008, Франция-Германия-Кыргызстан) ж. б. Кыргыз режиссёрлору казак ад-тынын классиги М. Ауэзовдун чыгармалары б-ча «Караш-караш окуясы» (реж. Б. Шамшиев, 1968), «Көк серек» (реж. Т. Океев, 1973) фильмдерин тартышкан. 1970-ж. «Кыргызфильм» студиясында «Кочо», «Коз карегі» (реж. Г. Базаров, 1973), «Айсулуунун талласы» (1977), «Таштагы жылмаюу» (реж. У. Ибрагимов, 1975), «Шаркыратма» (реж. Ю. Борецкий, 1974), «Улан» (реж. Т. Океев, 1977), «Процесс» (реж. Ж. Сооданбек, 1980) ж. б. кинофильмдер жаралган. 1980-ж. Т. Океевдин «Ак илбирстин тукуму», Б. Шамшиевдин «Бөрү зындан», М. Убукеевдин «Элет окуясы», Г. Базардун «Аномалия», «Биринчи» фильмдери тартылган. СССРдин урашы м-н кино өндүрүшүндө кризис башталган: мамлекеттен каржылануучу киностудияларда каражаттын тартыштыгынан фильм тартуу кескин азайган. Жаңы муундагы А. Арым Кубат, Э. Абдыжапаров, Б. Карагулов, Марат Сарулу сыяктуу режиссёрлор кыргыз киносун эл аралык деңгээлге чыгарышты. А. Арым Кубат «Селкинчек» (1993), «Бешкемпир» (1998) фильмдери кыргыздардын ички дүйнөсүн ачып көрсөтүү м-н К. к-нда бүтүндөй символдошкон образды түзгөн. 1994-ж. республикада 16 чакан кино ишкана иштеген: «Хан Теңири», «Келечек», «Салам-Алик», «Седеп», «Бешкемпир», «Ой-Арт» ж. б. Булардан «Үйүн кайда үлүл?», «Асан-Үсөн» (реж. А. Арым Кубат), «Квартирант», «Запкы» (реж. Б. Айткулиев), «Келесоолор поезди» (реж. М. Байжиев), «Шайтандын мооруу» (реж. З. Эралиев) ж. б. фильмдер тартылган. 2001-ж. «Кыргыз кинематографиясына мамл. колдоо көрсөтүү жөнүндө» мыйзам кабыл алынгандан кийин улуттук кинематографиянын мамл. камкордукка алынышы К. к-нун эл аралык деңгээлге чыгышына мүмкүнчүлүк берди. 2001-ж. «Маймыл» (реж. А. Арым Кубат, «Ное Продаксьон», Франция, «Бешкемпир» студиясы) фильминин Канн фестивалынын конкурстук программасында дүйнөлүк бет ачары болду. «Менин бир тууганым – Жибек Жолу» (реж. М. Сарулу, «Кыргызфильм», Арт-студия «Кумай», «Кино» казак фирмасы) фильми, 2002-ж. аягында «Кыргызфильмде» «Таксист» («Булут», реж. Э. Салиев), 2004-ж. «Айыл өкмөтү» (реж. Э. Абдыжапаров) фильмдери экранга чыкты. 2005-ж. февралда Берлинде ЭКФке катышкан). 2006-ж. реж. Н. Эгендин «аталар керээзи» фильми [«MACT productions»



«Аталар керээзи». Режиссёр Н. Эген.

(франция), «Thoke Motbi» (Германия), «Пигмалион» (Россия), «Санжырак» (Кырг-н)] Лос-Анжелесте өткөн «Yong Artists Awards» – «Эң мыкты чет өлкөлүк драма» байгесине татыган 2007-ж. «Боз салкын» (реж. Э. Абдыжапаров), «Сүйүүнүн асманы» (реж. А. Абдыкалыков) фильмдери тартылган. Фильмдер «Евроазия-4», Коттбус-2007 ЭКФтин бир нече жолку лауреаты болгон. 2008–10-ж. «Метраждаңы окуу» (реж. Н. Абдыкадыров), «Белгисиз маршрут» (реж. Т. Бирназаров), «Уурунун кечабаты» (реж. Э. Абдыжапаров), «Свет аке» (реж. А. Арым Кубат) фильмдери экранга чыккан. *А. Пазылов.*

КЫРГЫЗ КОЮ – жыл бою жайытта багууга көнүккөн, катаал шартка чыдамдуу, кылчык жүндүү жерг. кой. К. к-нун белги кичине, шыйрагы ичке, оңу кара, боз түстө, төлү тез жетилип, бат эттенет. Тегерек же салаң куйруктуу. К. к-нун орточо салмагы 48–72 *кг*, кочкорунуку 74–88 (ирдүүсү 109) *кг*, соолугунуку 56–68 *кг*. Жыл мезгилине жараша салмагы өзгөрүлүп турат. Жайлоодо салмагы 20–23%ке жогоруласа, кышкысын 12–20%ке (катаал кышта 35–37%) чейин түшөт. Жүнү аз, күзүндө ж-а жазында кыркылат. Жылдык орт. кыркымы 2,2–2,4 *кг*, кылчык, буласы тыбыт, отмө жүн, кыл ж-а өлүү жүндөн турат. К. к. сүттүү, бир соолуктан жылына 150–170 *л* сүт саап алууга болот, майлуулугу 3,5–8%. Азыр К. к. кобүнчө көмөкчү чарбаларда аз-аздан багылат. К. к-нун ген. сапаттары билгичтик м-н пайдаланылып, бийик тоолуу шартта өстүрүүгө ылайыкташтырылган *кыргыз уяң жүндүү коюн, тянь-шань коюн* ж-а *алай коюн* породалары чыгарылган.

КЫРГЫЗ КЫЗЫЛ ТҮСТҮҮ КОМПЛЕКСИ – бор мезгилинен неогенге чейин пайда болуп, Кырг-нда кенири тараган кызыл түстүү тектер. Терминди биринчи жолу 1948-ж. С. С. Шульц киргизген. Катмарлары Ысык-Көл ойдуңунда, Чүй, Нарын, Фергана ороондорүндө кездешет. Бийик тоо этегиндеги адырларда, бөксөлөрдө, ойдундарда антропоген тектери м-н жабылып жатат. Негизинен кум, топурак, кумдук, паттум, гравеллит, конгломераттан турат. Калыңдыгы 150–200 *м*ден 1,2–1,5 *км*ге чейин жетет. Комплексти кыргыз свитасы (P_3–N_1) деп да аташат. Катмардын арасында таш туз, гипс, чопо жолугат.

КЫРГЫЗ-КЫТАЙ ДИПЛОМАТИЯЛЫК МАМИЛЕЛЕРИ (о. к ы л ы м д а н – 18-к-д ы н а я г ы н а ч е й и н) – кыргыздар м-н Кытайдын ортосундагы өз ара эл аралык расмий жарыккатнаштары. О. кылымдарда Енисей кыргыздарынын, соңку мезгилдерде (18–19-к.) Кичи-Тоо кыргыздарынын кытайлар м-н мамилелери тарыхый жагдайларга жараша өзгөрүп отурган. Тан императору Вэнь-цзундун (627–649) ж-а У-цзенин (841–846) башкаруу жылдарында министрлик кызматта иштеген Ки Дэюй Кытайдын кыргыздар ж-а уйгурлар менен болгон мамилелерин чагылдырган расмий документтерди чогулткан. Анда кыргыздардын Кытай боюнча өз алдынча мамл. биримдигин түзүүгө, саясий күчкө ээ болгон учурлары, *кыргыздары, Кыргызстан* (Кытай м-н өз ара экономикалык, маданий-агартуу байланыштардын онүгүшү жөнүндө маалыматтар камтылган. Ли Дэ-юй түзгөн документтерде Кытай м. б. биринчи жолу 632-ж. кыргыз элчилигинин Кытайдагы маткери Ван Ин-чуңду тосуп алгандыгы жөнүндө кыскача жибергендиги жөнүндө маалымат берилген. Кыргыз (динлиңгун) өлкөсү биринчи жолу Кытайга 648-ж. жөнөткөн. Андан кийинки 649-ж. кыргыз падышасы Сылифа (бизнес багытындагы 3-документ) Ишбокюй (Сибирь менен Алтайда башында турган кыргыз элчилиги Чоң империаторучун сарайында кабыл алынып жүргөн. Император Тай-цзун ага соол канат жоокердик бөлүгүнүн ардактуу генералы «Цзо-тушуй-жалань-цзюнь» аскер чининен ж-а Кыргыз (Гяньгунь-кунь») обл-нун генерал-губернатору (цзеши) кызмат ордун берген. Кытай жылнаамаларында кыргыздардын бир нече жолу Кытайга барганы (707–723) тууралуу маалыматтар кездешет. Мындай байланыштар эки тараптуу өкүлчүлүктөрдүн соода-экон. мамилелердин өнүгүшүнө шарт түзгөн. 758-ж. Борб. Азия көчмөн уруулары, а. и. кыргыздар Уйгур каганды-гынын үстөмдүгүндө калгандыгына байланыштуу жүз жылга жакын Кытай м-н болгон дипл. байланыштар үзүлүп, 9-к-дын орто ченинде кай-



1758-ж. августтагы Кыргыз элчилерин кабыл алуу салтанаты. Сүрөт «Кыргызстан тарыхынын маселелери» журналынын № 1 (2008) санынан алынды.

радан жанданган. 842-ж. Тяньдэцзюнга (император сарайына) кыргыз каганынын каты м-н элчи Та-бу Хэцзу (Тапу Алп Сол) келген. 843-ж. кыргыз каганынын атынан Чжу-у Хэсу-Чугу Алп Сол 2 аргымак алып барган ж-а кыргыздарды өтө урматтагандыктан, император аны манжур хандыгынан келген элчиден жогору отургузуп, кыргыз каганынын сүрөтүн тартып алууга буйрук берген. 860–873-ж. кыргыздардын атынан элчилер 3 жолу барган. Алгачкы кыргыз-кытай мамилелери Тан империясы кулаганга чейин (907) уланган. Мындан кийин соңку о. кылымдарда Енисей кыргыздарынын Кытай м-н болгон дипл. мамилелери тууралуу тарыхта эч кандай маалыматтар эскерилбейт. О. кылымдардагы К.-к. д. м. Кыргыз кагандыгынын Кытай м-н өз алдынча элчилик-дипл., о. эле соода-экон. ж-а саясий байланыштардын өкүм сүргөндүгүн ырастайт. К.-к. д. м. Жунгар хандыгы кулагандан (1758) кийин гана Теңир-Тоо кыргыздары м-н уланган. Анда эки тараптын ортосундагы саясий мамилелерди жөнгө салуу, кыргыздардын көчүп-конуу чек араларын ж-а конуш-жайыттарын аныктоо маселелери м-н байланышкан. Бул мезгилде Цин-Кытай империясы Чыгыш Түркстанды каратып алып, коңшу аймактарга да экспанциялык саясат жүргүзүү м-н кыргыз-казак конуштарына доомат артып баштаган. Аны м-н бирге эле Чыгыш Түркстандын Цин бийликтеринин үстөмдүгүнө каршы башталган кыймылдарга кыргыздардын тиешеси бар экендиги ж-а алар м-н бейтарап мамиле түзүү максатында 1758-ж. июнь айында Синьцзяндагы Кытайдын аскер бийликтери Урдэн, Толуньтай, Идамчаба ж-а Линьбао башында турган чабарман-элчилерин жиберген. Алар кыргыз конуштарында болуп, императордун жарлыгы м-н кыргыз башчыларын тааныштырган. Ошол эле жылдын август айында түн. кыргыз урууларынын чоң бийи Маматкул Цин императоруна Черикчи Темир уулу, Түлкү Айта уулу, Шербек Жакшыбай уулу ж-а Нышаа Кудайменде уулун элчиликке жөнөткөн. Орус маалыматтары б-ча 1758-ж. күзүндө Каңгайга салбыруунга келген Богдо ханга (императорго) жыйырмага чукул бурут өкүлдөрү баргандыгы ж-а андан ары аны м-н бирге Пекинге беш адам кеткендиги эскерилген. Кыргыз элчилери император Цянь-Лундун (1736–95) алдында кытайлар доомат арткан Ысык-Көлдүн чыгышы (Кеген-

Каркыра, Иленин башы, Текес ж. б.) эзелтен бери эле кыргыздын ата-конушу экенин бышыкташкан. Кыргыздардын Чыгыш Түркстан маселесине кийлигишпөөсүн ж-а өз алдынча көчүп-конуп, чек ара бузуп, конуш которбоосун талап кылышып, 1759-ж. Доктон баштаган Цин бийликтеринин чабармандары түш. кыргыз урууларынын башкаруучусу Ажы бийдин алдына барышкан. Аларга жооп кылып Ажы бий өзүнүн элчиси Сары Күчүктү Синьцзяндагы Кытай бийликтерине жиберген. Чыгыш Түркстандагы түзүлгөн саясий кырдаалга байланыштуу 1760-ж. чек ара аймактарында жашаган чоң багыш, черик урууларынын атынан да Цин императоруна элчилер барган.

Ад.: *Кузнецов В. С.* Цинская империя на рубежах Центральной Азии. Новосибирск. 1983; *Сапаралиев Д.* Взаимотношения кыргызского народа с русскими и соседними народами XVIII веке. Б., 1995; *Бартольд В. В.* Избранные труды по истории народов и Кыргызстан. Б., 1996; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 2003. Т. 2.

Т. Асанов.

КЫРГЫЗ-КЫШТАК – Баткен обл-нун Кадамжай р-нундагы кыштак. Кыргыз-Кыштак айыл округуна караштуу. Катран тоосунун этегинде, Фергана – Кокон автомобиль жолунун боюнда, дениз деңг. 500 *м* бийиктө жайгашкан. Райондун борбору Пүлгөн кыш-нан 90 *км* түн.-батыш тарапта. Алты-Арык т. ж. бекетинен (Өзбекстан) 60 *км*. Калкы 3724 (2009); негизинен мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, мад-т үйү, ФАП, мончо, мечит бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, тамактануучу ж-а соода жайлары иштейт. Кыштакта Соц. Эмг. Баатыры М. *Миталипов* туулган.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК АКАДЕМИЯЛЫК ЭЛ АСПАПТАР ОРКЕСТРИ К. Орозов атн. – муз. коллектив. 1936-ж. Кыргыз мамл. филармониясында Кыргыз эл аспаптар оркестри деген ат м-н уюшулган. 1961-ж. К. Орозовдун ысмы берилген. КРдин иск-восуна эмг. син. коллектив. Оркестр добуштарынын угумдуулугу жакшыртылган, мүмкүнчүлүгү кеңейтилген кыл кыяк-прима, кыл кыяк-альт, кыл кыяк-бас ж-а кыл кыяк-контрабас, комуз-прима, комуз-секунда, комуз-альт, комуз-бас ж-а добулбастан турат, оркестрге, о. эле гобой, флейта, фагот, англ. рожок, бас-кларнет, флейта-пикколо ж-а төрт кылдуу домбра-тенор, биринчи, экинчи партиядагы домбра-прима ж. б. аспаптар коштолуп ойнолот. Оркестрдеги кыргыз эл аспаптары (комуз, кыл кыяк) биринчи жолу 1935-, 1938–40-, 1952–53-ж. жакшыртылган. Оркестрде темир комуз да пайдаланылат. Оркестрдин уюштуруучусу ж-а алгачкы көрком жетекчиси, башкы дирижёру (1936–49) комп. П. Ф. Шубин, тунгуч аткаруучулары *Муратаалы, Карамолдо, Чалагыз, Молдобасан, Калык, Ыбырай, Осмонкул, Атай, Муса* сыяктуу залкар комузчулар болгон. Алар чыгармаларды нотанын жардамысыз (угуу м-н) ойношкон. Оркестрдин биринчи көрсөтмө-сыноо концерти 1936-ж. 18-майда Фрунзеде комузчулар Карамолдо, Молдобасан, ырчылар Абдылас, Муса, А. *Боталиев*, А. *Куттубаеванын* ж-а муз. драма театрынын хорунун катышуусу м-н өткөн. Концертте Атайдын «Эсимде», Муратаалынын «Ботой», Абдыластын «Кызыл атчандар» ж. б. ыр-күүлөр аткарылган. Оркестр 1939-, 1958-ж. кыргыз иск-восунун Москвада өткөн он күндүктөрүнө, О. Азия респларынын ж-а Казакстандын биринчи (Фрунзе, 1942), экинчи Ташкент (1943) муз. он күндүктөрүнө катышкан. 1940-жылдарда С. *Медетов*, К. *Молдобасанов*, Н. *Давлесов* өңдүү таланттуу жаштар м-н толукталган. Оркестрде ар кайсы жылдарда Ш. Шеркулов, Б. Кулболдиев, Б. Эгинчиев, А. Эшмамбетов, М. Козубекова, Т. Карымшаков, К. Үкүбаев, Б. Жандаров, А. *Асакеев*, Ч. *Исабаев*, Ж. Кыпчаков, Р. Мадварова, К. Кадыралиев, С. *Токтакунова* ж. б. белгилүү музыканттар ойногон. Оркестрдин коштоосунда С. Кийизбаева, С. *Бекмуратова*, А. Мырзабаев, С. Токтоналиев, Г. *Валиулина*, С. Суранчиева, Г. Момушева, З. Шакеева, кийинки жылдары А. Ибраев, У. Полотов, Э. *Майбуков*, Д. *Жалгасынова* ж. б. ырчылар ырдаган. Азыр К. Турапов, М. Дүйшөкеева, Т. Исабекова, Б. Байкелова, Т. Черикчиева, Г. Байзакова, Ч. Торобеков, С. Балтаева ж. б. ырдашат. Курамындагы аткаруучулар (60) негизинен муз. окуу жайларын ж-а Б. Бейшеналиева атн. КМИИнин бүтүргөн. Оркестр кыргыз композиторлорунун ыркүүлөрүн, о. эле дүйнөлүк классиктердин чыгармаларын аткарат. 1967-ж. оркестрдин коллективи профессионал коллективдердин бүткүл союздук кароосунун лауреаты деген наамды жеңип алган. Түркия, Кытай, КМШ өлкөлөрүндө ж. б. гастролдо болгон. Оркестрдин башкы дирижёрлору: Ш. Орозов, А. Аманбаев, Ф. Назаров, Ш. Аралбаев, Б. Феферман, Н. *Давлесов*, А. *Жумакматов*, Э. Жумабаев, С. Жумалиев, Т. Томотоев, Б. Тилегенов, 2005-жылдан С. Акматалиев.

Б. Алагушов.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ АКАДЕМИЯСЫ (КМДТСА) – Кыргызда спортчуларды, машыктыруучуларды ж-а дене тарбия мугалимдерин даярдоочу ЖОЖ. 1955-ж. КМУнун дене тарбия ф-тинин базасында уюшулган. Имараты 1964-ж. курулган (арх. Е. Г. Писарской). Академияда педагогика, спорт, баштапкы аскердик даярдоо, адистерди кайра даярдоо ф-ттери, сырттан окуу ж-а даярдоо бөлүмдөрү, адистештирилген 16 кафедра (жеңил атлетика, туризм жана сууда сүзүү спортунун түрлөрү, күрөш, спорттун улуттук түрлөрү, футбол, спорттук медицина, педагогика, психология, дене тарбия тарыхы ж-а менеджмент ж. б.), 400 орундуу эки жатакана, лыжа ж-а турист-



тик база, женил атлетика стадиону, сууда сүзүү үчүн бассейн, адистештирилген гимнастика, оор атлетика, күрөш, бокс, баскетбол, волейбол залдары, ил. лабор., китепкана бар. Женил атлетика ж-а футбол манеждери иштейт. Окуу жайда 129 жогорку классификациялуу адис, а. и. 4 илимдин доктору, 37 кандидаты, 32 доцент, 5 проф., СССРдин ж-а КРдин эмг. син. 16 машыктыруучусу, элге билим берүүнүн 35 отличниги, КРдин илимге, маданиятка эмг. син. 7 ишмери ж. б. эмгектенет (2012). Уюшулгандан бери жогорку билимдүү 15 миңден ашуун адис даярдалган. Ил. иштер тоолуу региондун факторлорун эске алган спорттук машыгууларды ж-а дене тарбия иштеринин озгочолуктөрүн изилдоо м-н байланышкан. 1995-ж. Жалал-Абадда филиалы ачылып, анда жалпысынан 350дой студент билим алат. КМДТИнин алгачкы ректору Л. Ф. Егупов (1955–59-ж. болгон), 2009-жылдан – Т. Иманалиев.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЖАШТАР ЖАНА ЖЕТКИНЧЕКТЕР ТЕАТРЫ Б. Кыдыкеева атн. 1989-ж. Бишкекте уюшулган. Тунгуч директору КРдин мад-тына эмг. син. ишмер И. Токолдөшев болгон. Алгачкы артисттери Москвадагы М. С. Щепкин атн. театр ин-тунун бүтүрүүчүлөрү болушкан. Театр драматург Ж. Садыковдун «Эр Төштүк» (реж. Б. Абдылдаев) драмасы м-н ачылган. 2004-ж. Б. Кыдыкееванын ысмы берилген. Театрда кыргыз драматургдарынын ж-а чет олколук классиктердин чыгармалары коюлууда (Б. Жакиевдин «Алтын аяк», Н. Жүндүбаеванын «Кыз Сайкалдын арманы», Ж. Өзүбекованын «Саргайган күндолүк», Ч. Кайбекованын «Мен да бактылуу болгум келет», Ж. Кулманбетовдун «Талант жана тагдыр», «Чынгыз менен Бүбүсара», Б. Өмүралиевдин «Найман эне», У. Шекспирдин «Жайкы күндө коргон түш», С. Ахмеддин «Күйоо бала» ж. б.). Труппада Т. Турсунбаева, К. Медетбеков, Б. Кыдыкеева, Б. Алиев, Б. Бейшеналиев, Н. Мамбетова, Д. Байтоботов, А. Сарлыкбеков, К. Атамкулова, К. Осмонов, Г. Ташматова, Ш. Касымалиева ж. б. эмгектенишкен. Кийинки муундун окулдору: Ч. Калыбекова, Т. Мамытов, Р. Курманалиев, А. Эсеналиева, Н. Аскарбек кызы, А. Темирова. Театр жыл сайын талланттуу жаштар м-н толукталып турат.



КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ИСКУССТВО ИНСТИТУТУ (КМИИ) Б. Бейшеналиева атн. – респ-дагы жогорку муз. билим берүүчү окуу жайы. 1967-ж. Фрунзеде уюшулган. 1974 ж. ин-тка Б. Бейшеналиеванын ысмы берилген. Адегенде ин-тта 14 кафедрадан турган 3 ф-т (фортепьяно – теор., вокалдык-оркестрлик, маданий-агартуу иштери) ж-а сырттан окуу болүмү болсо, 1993-ж. социалдык-маданий ишкердүүлүк, хор ж-а оркестрди дирижёрлоо, театр ж-а кино



ф-ттерине 12 багыттагы 24 кесиптик адистерди [хор коллективинин, социалдык-маданий тейлоонун, эл аспаптар, эстрада оркестрлеринин, фольклор ансамблинин, хореогр. коллективдин менеджерлерин, актёрдук иск-во, хореография режиссёру, үн режиссёру, адабий чыгармачылык (киносценарий), театр таануу, кино таануу, муз. билим берүү, экономика ж-а башкаруу] даярдай баштаган. 1992-жылдан эстрада оркестрлеринин, ансамблдердин жетекчилерин, актёрлорду, режиссёрлорду, педагог-хореографтарды даярдайт. 1996-ж. «Музыка жана ырдоо» кафедрасы ачылып, анда жалпыга билим берүүчү мектептердин музыка мугалими даярдалат. Ректорлору: Т. Мусулманкулов, Н. Давлесов, К. Сартбаева, К. Молдобасанов, А. Асакеев, 2000-жылдан С. Субаналиев.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК КӨРКӨМ СҮРӨТ ОКУУ ЖАЙЫ С. А. Чуйков атн. 1939-ж.



Кырг-н сүрөтчүлөр союзунун көркөм сүрөт студиясынын (1935) базасында ачылган. 1980-ж. С. Чуйковдун ысмы берилген. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда окуу жай убактылуу жабылып, айрым окуучулар Самарканд көркөм сүрөт окуу жайына көчүрүлгөн. Окуу жайда живопись, дизайн ж-а жыгач-колдонмо искусствосу б-ча адистер даярдашат. Г. Айтиев, Л. Ильина, А. Михалёв, А. Игнатьев, С. Акылбеков, В. Тюрин, А. Молдакматов ж. б. белгилүү сүрөтчүлөр эмгектенишкен. Окуу жайында Т. *Садыков*, А. Асранкулов, А. Бейшенов, Т. *Герцен*, Б. Жалиев, С. *Ишенов*, Ж. *Кадралиев*, Т. *Курманов*, С. *Чокморов*, С. Маметов, А. Арым Кубат, Д. Кадыралиев ж. б. иск-во ишмерлери окуган. Директорлору: А. И. Прокофьев, Ш. Керимбаев, Ф. М. Зазулин, Ж. Кожекметов, М. С. Акылбеков, Е. С. Гердюк, С. Асанбеков, Н. Конгурбаев, 1975-жылдан Т. Бейшебосунов.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК КУРУЛУШ, ТРАНСПОРТ ЖАНА АРХИТЕКТУРА УНИВЕРСИТЕТИ (КМКТАУ) В. Исанов атн. – жогорку билимдүү инженер-адистерди даярдоочу тех. жогорку окуу жайы. 1992-ж. ФПИнин архитектура ж-а курулуш ф-тинин базасында Кыргыз архитектура ж-а курулуш ин-ту түзүлүп, 1998-ж. КМКТАУ болуп уюшулган. 2008-ж. Н. *Исановдун* ысмы берилген. Ушуга караштуу 6 ин-т, 4 коллеж, 3 лицей, Кыргыз-Герман, Кыргыз-Француз, Кыргыз-Арап ф-ттери бар. Ун-ттин курамында С. Чуйков атн. Кыргыз мамл. көркөм сүрөт окуу жайы, Бишкектеги курулуш, Балыкчыдагы индустриялык техникумдар иштейт. Улуттук арх-ра ж-а дизайн мектеби арх-ра, арх-ралык чойронун дизайны, арх-ралык мурастардын реставрациясы ж-а реконструкциясы, көркөм кол онорчулук, живопись, сүрөт иск-восунун теориясы ж-а тарыхы б-ча адистерди даярдайт. Ун-тте сырттан окуу ж-а даярдоо болүмдөрү, аспирантура, 50 кафедра, окуу лабор-сы, китепкана, спорт залдары, жатакана, 6 окуу корпусу бар. Ун-тти КР УИАнын корр. мүчөлөрү, академиктери, илимдин кандидаттары ж-а докторлору эмгектенишет. Ун-тте 55 адистик б-ча 12 миң студент окуп, 500дөн ашуун окутуучу (30 илимдин доктору, 160 илимдин кандидаты, а. и. респ. ж-а эл аралык академиялардын 13 академиги ж-а корр. мүчөлөрү) иштейт (2008). Ректорлору Ж. Тентиев, 2005-жылдан А. Абдыкалыков.



КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК КУУРЧАК ТЕАТРЫ М. Жангазиев атн. – респ-дагы профессионал театр. 1938-ж. Фрунзеде уюштурулган. Тунгуч уюштуруучусу ж-а көркөм жетекчиси – М. Волкова (1939–45). Адегенде орус труппасы, 1948-ж. кыргыз труппасы түзүлгөн. Алгачкы спектаклдери эл жомокторунун негизинде коюлган: «Түлкү синдим» (иштеп чыккан Вейденова), «Чет олколук Петрушка» (С. Маршак), «Зарлык менен Доо» (О. Сарбагышев), «Тайлактык мерген» (К. Эшмамбетов, В. Шнемберггер) ж. б. 1945-ж. реж. В. Шнемберггер антифашисттик мазмундагы озүнүн «Жээктеги бөрөнү», «Ак-Шаан токоюнун жомоктору», «Кичинекей кызандын энеси» ж. б. спектаклдерин Кыргыз труппасында «Баатыр бала» (А. Алышев), «Туткун Каныш» (А. Кобзева, Е. Шведкина), «Куйручуктун кулагы» (А. Барто), «Коронун жоруктары» (М. Тайчи) ж. б. коюлган. Театр Ташкентте [illegible] лары м-н Казакстан фестивалинде [illegible] реаты ж-а Буткул союздук [illegible] ның Москвада откөн [illegible] дипломанты. Оз спектакл[illegible] сында тарбиялык [illegible] 2008-ж. ж-а 2009-ж. [illegible] деген наамга ээ болгон [illegible] жанов (1945–49), [illegible] скурин (1953–[illegible] зова (1967–74), [illegible] ев (1977–81), К. [illegible] лиев (2006–07), [illegible] дан Т. Смайбеков.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНА АКАДЕМИЯСЫ (КММА) И. Ахунбаев атн. – респ-када врачтарды даярдоочу ЖОЖ. 1939-ж. Фрунзе ш-нда Кыргыз мамлекеттик мед. ин-ту (КММИ) болуп уюшулган. Улуу Ата Мек. согуш жылдарында Харьков мед. ин-ту көчүп келгенден кийин КММИнин кафедралары ж-а клиникалык сүрөт окуу жайы, Бишкектеги курулуш, Балыкчыдагы индустриялык техникумдар иштейт. Улуттук арх-ра ж-а дизайн мектеби арх-ра, арх-ралык чойронун дизайны, арх-ралык мурастардын реставрациясы ж-а реконструкциясы, көркөм кол онорчулук, живопись, сүрөт иск-восунун теориясы ж-а тарыхы б-ча адистерди даярдайт. Ун-тте сырттан окуу ж-а даярдоо болүмдөрү, аспирантура, 50 кафедра, окуу лабор-сы, китепкана, спорт залдары, жатакана, 6 окуу корпусу бар. Ун-тти КР УИАнын корр. мүчөлөрү, академиктери, илимдин кандидаттары ж-а докторлору эмгектенишет. Ун-тте 55 адистик б-ча 12 миң студент окуп, 500дөн ашуун окутуучу (30 илимдин доктору, 160 илимдин кандидаты, а. и. респ. ж-а эл аралык академиялардын 13 академиги ж-а корр. мүчөлөрү) иштейт (2008). Ректорлору Ж. Тентиев, 2005-жылдан А. Абдыкалыков.

никалары толук уюштурулуп бүткөн. 1943-ж. КММИни алгачкы 120 врач бүтүрүп чыккан. 1996-ж. академия болуп уюшулуп, КММА деп аталган. КММАнын окуу процессинде үзгүлтүксүз кесиптик орто, жогорку, кошумча ж-а ЖОЖдон кийинки кесиптик билим алуу м-н бирге ил. из. ж-а клиникалык иштер, о. эле фундаменталдык ж-а колдонмо ил. из. жүргүзүлөт. КММАнын курамында дарылоо, педиатрия, стоматология, чет элдик жарандарды окутуу, жогорку медсестра кызматы ф-ттери ж-а фармация, коомдук саламаттык сактоо ж-а башкаруу ин-ту, мед. окуу жайы бар. Мындан тышкары дипломдон кийинки билим берүү ин-ту,



Мед. ж-а биол. фундаменталдык маселелерди ИИИ ж-а Эл аралык кызматташтык боруу иштейт. КММА 65 жыл ичинде 30 000ден ашуун жогорку квалификациялуу мед. адистерди, илимдин 49 докторун, 882 кандидатын даярдаган. КММИде ж-а КММАда ар кайсы мезгилдерде И. К. *Ахунбаев*, А. А. *Айдаралиев*, Ф. Н. Нургазиева, В. А. *Исабаева*, С. Б. *Данияров*, А. *Мурзалиев*, И. К *Акылбеков*, Д. А. *Адамбеков* директор, ректор болуп иштешкен. 2010-жылдан президенти – А. *Зурдинов*

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК КАЙРА ДАЯРДОО ЖАНА АДИСТИКТИ ЖОГОРУЛАТУУ ИНСТИТУТУ – саламаттык сактоо системасындагы мамл. ЖОЖ. КРдин Саламаттык сактоо министрлигинин карамагында. Врач, фельдшер, медсестра ж. б-дын, өлкөбүздөн ж-а чет мамлекеттен мед. ЖОЖду аяктагандардын жергиликтүү ж-а чет элдик врачтардын адистигин жогорулатат ж-а кайра даярдайт, о. эле докторантура, аспирантура, клиникалык ординатурага кабыл алат. Бул окуу жайы 1992-ж. КММИнин врачтардын билимин өркүндөтүү ф-тинин ж-а Респ-лык орто билимдүү мед. фармацевттердин билимин жогорулатуучу окуу жайдын базасында уюштурулган. Ин-тта жыл сайын 5000ден ашык врачтар ж-а медсестралар адистиктерин жогорулатат. Ин-тта КР УИАнын корр. мүчөлөрү, эмг. син. врачтар, көптөгөн профессорлор, илимд. докторлору ж-а кандидатта-

ры эмгектенишет. Окуу жайда врачтардын ж-а медсестра иши б-ча адистердин билимин өркүндөтүүчү фак-т; үй-бүлөлүк мед. окуу борбору ж-а үй-бүлөлүк медсестра иши борбору иштейт. Бардык обл-тарда үй-бүлөлүк мед. окуу борборунун 7 бөлүмү бар. Андан сыртқары, Ошто «Медициналык билим берүүнүн дипломдон кийинки борбору» – бөлүмү иштейт.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МУЗЫКАЛЫК ОКУУ ЖАЙЫ М. К у р о ң к о е в а т н. – респ-дагы орто билим берүүчү муз. окуу жайы. 1939-жылдын 23-октябрында Кыргыз ССР эл агартуу комиссариатынын муз.-хореогр. окуу жайын ачуу ж-дө токтому м-н уюшулган. 1945-ж. *Муратаалы* Күрөңкоевдин ысмы берилген. Алгач ачылган вокал, оркестр, фортепьяно бөлүмдөрүндө окуу 1940-ж. 5-февралында башталып, 26 бала кабыл алынып, окуу жайынын алдында жети жылдык муз. мектеп ачылган. 1940-жылдын 1-сентябрынан тартып окуу жайы толук кандуу иштей баштаган. Ага негизинен балдар муз. мектептерин бүтүргөндөр ж-а музыкага жөндөмдүү, жалпыга милдеттүү сегиз жылдык билим алгандар, вокалдык бөлүмүнө орто мектепти бүтүргөндөр кабыл алынган. 1943-ж. кыргыз эл аспаптары, хореография бөлүмдөрү ачылган. Окуу жайда 9 бөлүм бар: фортепьяно, музыка теориясы, оркестрдик (үйлөмө, урма, кылдуу аспаптар), вокалдык, хор дирижёру, эстрадалык, кыргыз эл аспаптары, орус эл аспаптары. Хореогр. бөлүмү 1980-ж. атайын окуу жайы катары өзүнчө бөлүнгөн). Окуу жайдын күндүзгү ж-а сырттан окуу бөлүмдөрү бар. Муратаалы Күрөңкоев атн. стипендия белгиленген. Директорлору: Ф. Поляков, А. Малдыбаев, А. Коханов, Г. Коган, И. Рябов, А. Керимбаев, А. Асакеев, Ж. Момункулов, 1986-жылдан Т. Муратаалиев.

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ И. А р а б а е в а т н. – жогорку окуу жайы. Кыргыз ССР БАКтын токтому м-н 1945-ж. Фрунзе ш-нда кыз-келиндер пед. окуу жайы болуп түзүлгөн. 1950-ж. Кыргыз кыз-келиндердин мугалимдер ин-ту болуп өзгөртүлгөн. Ал



ин-ттун базасында 1952-ж. В. В. Маяковский атн. Кыз-келиндер пед. ин-ту түзүлгөн. КР Президентинин жарлыгы м-н 1992-ж. И. Арабаев атн. Кыргыз мамл. пед. ин-туна (КМПИ), 1994-ж. КР Өкмөтүнүн токтому м-н И. Арабаев атн. Кыргыз мамл. пед. ун-тине (КМПУ) өзгөртүлгөн. 2005-ж. И. Арабаев атн. КМУ статусуна ээ болгон. КМУда 1000ден ашуун окутуучулар иштеп, а. и. 250гө жакын илимдин докторлору ж-а кандидаттары эмгектенишет. 160 докторант, аспирант ж-а магистранттар, 15000ден ашуун студент окуйт. Ун-тте 56 кафедра, 9 ин-т (Гуманитардык билим берүү ин-ту; Жаңы информациялык технологиялар ин-ту, Кадрларды кайра даярдоо ж-а билимин жогорулатуу ин-ту; Лингвистика ин-ту; Мамл. тил ж-а мад-т ин-ту; Педагогика ин-ту; Тарых ж-а социалдык-укуктук билим берүү ин-ту; Экономика ж-а менеджмент ин-ту; Экология ж-а туризм ин-ту), 2 ф-т (Биология ж-а химия; Чыгыш таануу ж-а эл аралык мамилелер), 1 коллеж, 3 кесиптик орто билим берүү бөлүмү; 3 лицей (Гуманитардык ж-а Чыгыш таануу) бар ж-а 58 адистик кесипке даярдоо ишке ашырылат. Ректорлору: А. О. Жолдошева (1945–56), Ж. Мусаева (1951–54), К. Токтомамбетова (1954–63), Н. Х. Абдуазизова (1963–76), Ж. С. Татыбекова (1977–87), Р. А. Ачылова (1987–92), Ө. Курманов (1992–94), А. А. Борубаев (1994–98), А. А. Бекбалаев (1998–2001), А. А. Асанканов (2001–05), А. А. Бекбоев (2005–10), 2011-жылдан Т. А. Абдырахманов.

Т. А. Конурбаев.

«КЫРГЫЗМАРКАСЫ» – почта маркаларын чыгарган мамл. ишкана. Кыргыз Респ-нын транспорт ж-а коммуникация министрлигине карайт. 2009-ж. түзүлгөн. Негизги максаты – почта белгилерин (почта маркалары ж. б.) чыгаруу, жайылтуу. К. почта маркасынын 643 эмиссиясын (44 млн 482 миң нуска) 134 тема б-ча

ШКУга мүчө өлкөлөрдүн мамлекет башчыларынын Бишкек саммитине арналган маркалар. Сүрөтчү Р. Исаков.



«Айгүл гүлү» маркасы. Сүрөтчү Касымалиев А.



иштеп чыккан. Эскиздерди иштеп чыгууга – Р. Исаков, М. Сагымбаев, К. Турумбеков, Э. Исаков, А. Касымалиев ж. б. сүрөтчүлөр катышкан. Эл аралык (Бүткүл дүйнөлүк почта союзу ж. б.), региондук бөлүмдөр м-н тыгыз байланышта иш алып барат.

КЫРГЫЗ МУЗЫКАСЫНЫН АНТОЛОГИЯСЫ – узак ойнолуучу грампластинкалар жыйындысы; калктын муз.-адабий фольклорунун түрлөрү, багыттары ж-дөгү тунгуч муз. мурас. 1974-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин Телекөрсөтүү ж-а радиоуктуруу б-ча мамл. к-ти тарабынан Бүткүл союздук «Мелодия» фирмасы аркылуу Ленинграддагы грампластинкалар з-дунан чыгарылган. Антология кыргыз, орус, англис тилиндеги түшүндүрмө китепчеден, 36 тебактан (пластинка) турат. К. м. а-н Б. Алагушов, К. Камбаров, Т. Борубаев, С. Музаев, А. Асаналиев ж. б. түзгөн. Андагы 500дөн ашуун чыгарма төрт топко бөлүнгөн: 1) кыргыз эпосторунун антологиясы. Мунун 14 табагын түзгөн 1-бөлүмүндө элдик комуз күүлөрүнүн ырлар, 16 19-к-дагы комузчулардын күүлөрү берилген; 2) 19-к-дан берки комуз, ыяк, аяк аспаптарын камтыйт (7 табак); 3) кыргыз эл ырларынын, терме ж-а айтма ырларынын антологиясы (7 табак). Мында айтма ырлардын 18 үзүндү, «Курманбек», «Сарбагыш», «Жусуп», «Байыш» дастандары, «Төлөгөн Бөкөш кызы» дастандан тандалма үзүндүлөр берилген. Терме ырлардын үзүндүлөрү 5 табакка топтолгон. Бул бөлүмдөрдүн антологиясында ошондой эле кыргыздардын азыркы белгилүү ырчылары (9 табак); ошол убакыттагы К. Молдобасанова композиторлордун ырларын аткарган ырчылары жана ансамбли, хорлору, оркестрлери, оюндары, биринчи ж-а симф. чыгармалары топтоштурулган (6 табак).

КЫРГЫЗ-НОР, К ы р г ы з - Н у р (монголчо Хирхис-Нор) – Түш.-Батыш Монголиядагы көл. К.-Н-дун аталышына байланыштырып, аны көз бир окумуштуулар (В. Бартольд, Л. Кызласов) кыргыздардын байыркы мекени катары ту-

шүнүшкөн. Буга кытай хроникаларындагы кыргыздардын ээлиги хунн ханынын (к. *Модэ шанүй*) ордосунан 7 миң ли батыш, Чеши өлкөсүнөн 5 миң ли түштүктө жайгашкан деген маалымат себеп болгон. 1987–2000-ж. бул жерде археол. казуулар жүргүзүлүп, о. кылымга чейин гяньгунь-кыргыздардын жашабагандыгы далилденген. Айрым окумуштуулардын (Л. Боровкова, Ю. Худяков) пикири б-ча кыргыздардын ээлиги Дзосотын-Элисун чөлүнүн батышы, чыгыш Тянь-Шандагы Боро-Хоро тоолорунун түндүгүнөн орун алып, жужаңдардын кысымы м-н 5- ж-а 6-к-дын 1-жарымында гана Енисейге жылышкан (к. *Кыргыздар*, *Кыргыз кагандыгы*). Уйгур кагандыгынын талкаланышы м-н (840) К-Н. кыргыздардын карамагында калган.

Ад.: *Худяков Ю. С.* Кыргызы на просторах Азии. Б., 1995; *Бартольд В. В.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1996; *Бутанаев В. Я., Худяков Ю. С.* История енисейских кыргызов. Абакан, 2000; *Аристов Н. А.* Усуни и кыргызы или каракыргызы. Б., 2001. *Э. Турганбаев.*

«КЫРГЫЗ ПЕТРО́ЛЕУМ КО́МПАНИ» – Кыргнда нефть продуктуларын өндүрүүчү, кайра иштеп чыгуучу ж-а чекене сатуучу ишкана. 1996-ж. Жалал-Абад ш-нда түзүлгөн. Анда кыргызстандык «Кыргызнефтигаз» нефть компаниясынын ж-а англ. «Петрофак Рисосрсис Интернэшнл Лимитед» АКтын 50%тик үлүшү бар. Ал нефть кендеринде геол. жумуштарды, өндүрүлгөн нефтини кайра иштетет, кардарларга нефть продуктуларын (бензин, мазут ж. б.) сатат ж. б. иш-чараларды жүргүзөт.

КЫРГЫЗПОЛИГРАФКОМБИНАТЫ Т. Суванбердиев атн. 1966-жылдын май айында ишке киргизилген. О. Азиядагы китеп басып чыгаруучу эң ири полиграфия ишканасы болгон. Комбинат ар түрдүү ад-ттарды, окуу китептерин, окуу куралдарын, түстүү сүрөттүү ар кандай продукцияларды, элге керектүү майда товарларды ж. б. продукцияларды чыгарууга багытталган. Ишкана негизги терүү, басма, мукабалоо цехтеринен ж-а жардамчы технол., тех. бөлүмдөрдөн турган. Ошол убактагы заманбап техника м-н жабдылса да китеп өндүрүү процесстеринин көпчүлүгү механикалаштырылган эмес. 1970–80-жылдарда автоматташтырылган техника, жаңы технология ж-а материалдар өздөштүрүлүп, жаңылануу ургаалдуу жүргөн. «К.» алгачкы «Кыргыз совет энциклопедиясын», ар кандай форматтагы китептерди басып чыгарган. Китеп басуу жаатында башка респ-калардын басмалары м-н кызматташып турган. Ишканада Москва, Ленинград, Киев, Львов ш-нын окуу жайларында жогорку ж-а атайын орто билим алган жогорку квалификациялуу жумушчу адистер иштеп, улуттук кадрлар даярдалган, союздук борб. ишканаларда кесиптик билимин жогорулатып турган. Комбинат чыгарган басма продукциянын 90%и окуу китептерине туура келген. Комбинатта даярдалган китептер жогорку сапатта болуп, О. Азия, Казакстан Респнын, эл аралык «Искусство книги» конкурстарында көптөгөн жогорку байгелерге ээ болгон. Ийгиликтүү иши үчүн союздук маанидеги Өтмө Кызыл Туусун 21 жолу жеңип алган. Комбинат ишке киргизилген күндөн 25 жыл бою жетектеп, басма ишинин өнүгүшүнө чоң салым кошкон *Т. Суванбердиевдин* ысмы ишкана жайгашкан көчөгө ж-а ишканага 1995-ж. ыйгарылган. Рынок экономикасына ыңгайлаша албаган ишкана 1990-жылдардын 2-жарымында К. начарлай баштап, 1998-ж. ААКка айланган ж-а 2008-ж. ишин токтоткон. *Ж. Шайыкбекова.*

КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНЫН АНТОЛОГИЯСЫ – «Кыргызстан-Сорос» фонду тарабынан чыгарылган эки томдук китеп (1-томун К. Жусупов түзгөн 1999-; 2-томун С. Акматбекова, С. Тургунбаев, Т. Самудинов түзүшкөн 2000-ж.). 1-том «Кыргыз эл ырлары», «Элдик эпостор», «Элдик поэмалар», «Байыркы орток түрк поэзиясынан»; «IX–XVII кылымдагы кыргыз поэзиясынан», «XVIII–XIX кылымдагы кыргыз поэзиясынан», 2-том «Алтын чачыла», «Улуулардан жуккан сөз», «Үмүттүү толкун – жаш толкун» деген бөлүмдөрдөн турат. Сунуш кылынган чыгармалардын, авторлордун кыска таржымалдары берилет. К. п. а-нын өзгөчөлүктөрү: улуттук поэзиянын байыртадан бери келаткан көркөм мурастары биринчи жолу өтө кеңири берилген; экинчиден, ар кандай себептер м-н мурда чыгармалары басылбай келген авторлорго көңүл бурулган; чет өлкөлүк кыргыздардын чыгармалары көңүл сыртында калбаган; орток түрк поэзиясынын өкүлдөрү кошулган; жаштар поэзиясына өзгөчө маани берилген; баш сөздө кыргыз поэзиясынын тарыхы кеңири талдоого алынган.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ (КР), Кыргызстан – эгемендүү, унитардык демокр. мамлекет. Аянты 198,5 миң *км*². Калкы 5,3 млн (2009). Кырг-нда 7 облус, 40 район, 25 шаар, 28 шаарча, 1834 кыштак (2009) бар. Борбору – *Бишкек* ш. КР ж-дө кеңири маалыматты, к. *Кыргызстан* атайын том.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАЛДАР ЖАНА ЖАШТАР КИТЕПКАНАСЫ К. Баялинов атн. – респ. ири китепкана. Жаш өспүрүмдөрдү, жаштарды ж-а ата-энелерди китепканалык-библиогр. жактан камсыз кылуучу мекеме. Китепкана КР Маданият ж-а туризм министрлигине карайт. 1958-ж. түзүлгөн Респ. балдар китепканасы ж-а 1976-ж. түзүлгөн Респ. жаштар китепканасы 1997-ж. бириктирилип, Республикалык балдар ж-а жаштар китепканасына айланган. 1993-ж. К. *Баялиновдун* ысмы ыйгарылган. Китепканада 15 бөлүм иштейт: окурмандарды каттоо; күбөлүк берүү; ад-ттарды топтоо; окурмандарды маалымат б-ча тейлеп, китептерди үйгө жазып берүү; маалыматтык-ресурстук «Америка борбору»; маалыматтык-библиогр. бөлүмү; карточкаларды картотекага жайгаштырып, электрондук каталог түзүү ж. б. кирет. «Искусство» бөлүмү – ноталык-муз. ад-ттарды топтоо, окурмандарга сунуштоо иштерин жүргүзөт; муз. аспаптарда ойноого шарт түзүлгөн; Китепкана жыл сайын 240 аталыштагы гезит-журналдарды алат; «Өнүгүү үчүн маалымат борбору» бөлүмү эл аралык уюмдардын жардамы аркылуу түзүлгөн. КРдин ж. б. мамлекеттерден экономика, тарых, мад-т б-ча ад-ттарды топтойт; коомчулук м-н байланыш түзүү ж-а массалык иштер бөлүмү көрсөтмө куралдарды түзүп жайылтат (о. эле китептердин



бет ачар аземдери, жазуучулар м-н жолугушууларды, ар кандай маданий иштерди, мелдештерди ж. б. өткөрөт); «Жаңылык» бөлүмү – китепканага жаңы түшкөн ад-ттар м-н иштеп, кыска мөөнөткө үйгө жазып берүү иштерин жүргүзөт. 800 орундуу 5 окуу, 250 орундуу лекция залы ж-а 3 млн томдон ашык китеп ж-а гезит-журнал сактоочу жайы бар. Китепканада 158 кызматкер эмгектенет (2012). Китеп фондунда 500 000 нускадагы китеп ж-а мезгилдүү басылмалар бар. Окурмандардын саны 36 500гө жакын. *С. Ишенов.*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «БИЛИМ» КООМУ 1948-ж. 15-январда респ-канын белгилүү окумуштууларынын ж-а мад-т өкүлдөрүнүн демилгеси м-н түзүлгөн. Максаты – билим, илим, ил.-техниканын, мад-ттын жетишкендиктерин эл арасында түшүндүрүү ж-а элдин билимин ж-а мад-тын көтөрүү. Көрүнүктүү окумуштуулар, чарба адистери, мад-т өкүлдөрү ж. б. респ-канын интеллигенциясынын бардык алдынкы өкүлдөрү коомдун мүчөлөрү болушкан. Коомдун мүчөлөрүнүн саны 1990-ж. 42 миңге жеткен. Алар ишкана-мекемелерде, мал чарба тармагында ички ж-а тышкы саясат, алдыңкы тажрыйба ж. б. бардык темаларда аңгеме, лекция өткөрүп турушкан. «Билим» коому тарабынан элдик ун-ттер түзүлгөн. 1991-ж. респ-када 655 элдик ун-т иштеп, 250 миңден ашык киши билим алган. «Билим» коому рынок шарттарына ылайыктуу элдик ун-ттердин структура, программаларын өзгөртүп, жумушсуз калгандарга, кошумча жаңы адистик алууга мажбур болгондор үчүн түрдүү багыттагы курстарды ачкан. «Билим» коомунун түрдүү багыттагы курстарынан 100 миңден ашык адам кошумча жаңы адистикке ээ болушкан. «Билим» коомунун элдик ун-ттери экономика, тех. ж-а мед. билимдер, чет тилдер, мад-т, дизайн ж-а кол өнөрчүлүк б-ча кошумча адистерди даярдайт. *А. Бакиров.*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ДИПЛОМАТИЯЛЫК ЭЛЧИЛИКТЕРИ – КРдин эл аралык мамилелерин жөнгө салуучу мекеме. 1991-ж. 26-декабрда СССР (к. *Советтик Социалисттик Республикалар Союзу*) Жогорку Советинде СССРдин таратылышы тууралуу Декларация кабыл алынгандан кийин (к. *Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги*) бир нече өлкө (мис., АКШ, Түркия) Кырг-нды өз алдынча мамлекет катары тааный турганын билдиришкен. Алгачкылардан болуп 1992-ж. 1-февралда АКШ, 28-мартта Түркия, көп узабай РФ, Кытай, Германия, Япония ж. б. мамлекеттердин элчиликтери ачылган. Кырг-н 1992-ж. 2-мартта БУУга (Башкы Ассамблеянын 46-сессиясы), андан кийин ЮНЕСКОго мүчөлүккө кабыл алынган. 2000-ж. чейин Кырг-нды дүйнөнүн 135 өлкөсү таанып, а. и. 96 өлкө м-н дипл. мамиле түзүлсө, 2000–12-ж. дүйнөнүн бардык мамлекети таанып, 116 өлкө м-н дипл. байланыш бар. Кырг-н Азия өнүгүү банкы, Дүйнөлүк соода уюму, Дүйнөлүк банк, ЭВФ ж. б. уюмдарга мүчө.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ, к. *Кыргызстан* атайын том.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ ЖАНА ТЕХНИКА... [illegible] **ГЕК СИҢИРГЕН КЫЗМАТКЕРИ** – [illegible] Алгач Кыргыз ССР Жогорку Советинин [illegible] диумунун 1940-ж. 17-декабрь ж-а 1970-ж. [illegible] ноябрдагы жарлыгы м-н белгиленген. 1991-ж. чейин Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиң. кызматкери. Илим ж-а тех. б-ча көрүнүктүү [illegible] тери, чарбалык ж-а соц.-маданий [illegible] өзгөчө маанилүү ил. ачуулары ж-а [illegible] руулары, ил.-практикалык [illegible] үчүн ж-а эл чарбасына, [illegible] агартуу, илим, мад-т ж-а [illegible] ды, жогорку квалификациялуу [illegible] даган ил. кызматкерлерге берилет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ ЖАНА ТЕХНИКА БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫГЫ гуманитардык, табигый ж-а тех. илимдерди өркүндөтүүгө көрүнүктүү салым кошкон ил. изилдөөлөрге, жогорку өндүрүмдүү жаңы технологияларды ойлоп таап, ишке киргизгендерге, о. эле кеңири коомдук жактырууга ээ болгон, окуу жайлары ж-а жалпы билим берүүчү орто мектептер үчүн жазылган эң мыкты окуу

китептери үчүн ыйгарылат. Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1967-ж. 30-ноябрдагы № 647 токтому м-н бекитилген. Эки жылда бир жолу КРдин эгемендик күнүнө карата берилет. Мамл. сыйлыкты ыйгаруу ж-дөгү маселени атайын к-т карап чыгып, чечим чыгаргандан кийин КР Президентинин бекитүүсүнө берилет. Сыйлыкка татыктуу болгон адамдарга «Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты» наамы м-н бирге диплом ж-а акчалай сыйлык, лауреаттык күбөлүгү тапшырылат. Ардак белги көкүрөктүн оң жагына тагылат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИСКУССТВОГО ЭМГЕК СИҢИРГЕН ИШМЕРИ – ардак наам. 1991-ж. чейин Кыргыз ССРинин иск-вого эмг. сиң. ишмери. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1939-жылдын 10-январындагы указы м-н бекитилген. Жогорку билими бар музыка, ад-т, драматургия жаатында эң жогорку көркөмдүктөгү көрүнүктүү чыгарма, спектакль, кинофильм, иск-во ж-а ад-т б-ча ил. эмгек жараткан ж-а иск-во м-н ад-тты өнүктүрүү, кадрларды даярдоо ж-а тарбиялоо ишинде өзгөчө эмг. сиң. композиторлорго, дирижёрлорго, сүрөтчү, скульптор, театр ж-а кинорежиссёр, оператор, драматург, сценарист, иск-во таануучу, ад-тчы ж-а башка чыгармачыл кызматкерге берилет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КИНЕМАТОГРАФИЯ ДЕПАРТАМЕНТИ КРдин кино тармагындагы саясатын жүргүзөт. Кыргыз ССРинде «Мамлекеттик кино» 60-жылдарда уюшулган, кийин «Кыргызкино» мамконцерни (1992–2000), «Мамкиновидеокомпания» (2000–06), «Кыргызкино» улуттук концерни (2006–09), КРдин Маданият ж-а маалымат министрлигинин алдындагы Кинематография департаменти (2009–10), КРдин кинематография агенттиги (2010–12) деп аталган, 2012-жылдан КРдин Маданият ж-а туризм министрлигинин алдындагы Кинематография департаменти. Карамагында Т. Океев атн. «*Кыргызфильм*» улуттук киностудиясы, Ч. Айтматов атн. *Кино үйү*, «Кыргызфильмофонд» мекемеси ж-а кинотеатрлар бар. Директорлору: К. Орозалиев, М. Бектеналиев, З. Эралиев, А. Пазылов, Ш. Жапаров, 2012-жылдан М. Бектеналиев.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КООМДУК ТЕЛЕРАДИО БЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫ – Кырг-ндагы алгачкы радио ж-а телеберүү мекемеси. 1925-жылдары Кырг-нда алгачкы радио түйүндөр орнотула баштаган. 1926-ж. Кыргыз АОсу Кыргыз АССРине айланганда бул кубанычтуу окуяны жайылтуу үчүн радиолоштуруу демилгеси башталган. 1927-ж. биринчи жолу радио аркылуу Кыргыз АССР Борб. Аткаруу К-тинин торагасы А. *Орозбековдун* доклады элге уктурулган. Бирок ал кезде радио уктурууларды даярдоочу мекеме болгон эмес. Алгачкы уюштуруучу баштоочулары: Т. Кыпчакпаев, О. Сарманов, алгачкы кызматкерлери: К. *Алиев*, П. *Шубин*, дикторлору: С. *Бегматова*, А. *Жангорозова*, К. *Бектенов* болгон. 1937-ж. респ-да программалары бар 43 радиотүйүн иштеген. Тармактык саналуу гана редакциялар (айыл чарба, экономика, медицина, маданият ж. б.) болгон. Ошол жылдын планы б-ча респ. берүүлөрдүн суткалык орт. көлөмү 6 саат 34 мүнөттү, ал эми жерг. берүүлөр 4 саатты түзгөн. Уктуруулар кыргыз, орус ж-а дунган тилдеринде жүргүзүлгөн. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында радио олуттуу мааниге ээ болгон. Дикторлор: К. *Алиев*, Г. Мамбетова, В. Гонтарь, Т. *Абдумомунов* акыркы кабарларды окуп турушкан. 1945-жылдын 28-мартынан Кыргыз ССР Министрлер Советине караган. 1953-жылдын май айынан Радио маалымат к-ти Кыргыз ССР Мад-т министрлигине караштуу Радиомаалымат б-ча башкы башкармалыгы аталып, кийин Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1957-жылдын 5-июлдагы № 240-токтому м-н Радиоберүү к-ти, ал эми 1958-ж. 30-декабрда Радио ж-а телеберүү к-ти аталып, Фрунзе телестудиясы ачылган. Телекөрсөтүүнүн биринчи диктору С. Жунушалиева, биринчи реж. Ж. Молдобаев, биринчи редактору Ш. Сматов, биринчи үн оператору С. Варибада, биринчи оператору К. Өгөбаев болгон. 1962-жылдын май айынан к-т Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин Радио ж-а телеберүү б-ча К-тине алмаштырылган. 1965-жылдын 10-апрелинен Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун жарлыгы м-н К-т мамл. деген статуска ээ болгон. Кыргыз ССР Министрлер Советинин Радио ж-а телеберүү б-ча Мамл. К-ти аталып, азыркы имараты, радио үйү, телестудия салынган, о. эле жаңы тех. жабдуулар м-н камсыздала баштаган. Радионун «Алтын казынасын» толуктоодо ж-а кыргыз профессионалдык музыкасын байытууда Кыргыз телерадиосунун А. Жумакматов атн. акад. симф. оркестри чоң салым кошкон. 1974-ж. «Орбита» космостук байланыш спутнигинин жардамы м-н респ-да түстүү телекөрсөтүү башталган. 1991-ж. КРдин Мамл. телерадио агенттиги болуп түзүлүп, 1993-ж. кайрадан к-т болуп өзгөртүлгөн. 1995-ж. таңкы «Замана» студиясы ачылган. 1996-ж. КРдин Мамл. телерадио к-ти корпорацияга айландырылып, «Ала-Тоо» маалымат борбору, «Нур», «Ата-Журт» продюсердик борборлору түзүлгөн. Мурдагы редакциялар чыгармачыл-өндүрүштүк бирикмелерге («Манас», «Айкөл», «Ата-Журт», «Достук») өзгөртүлүп, ал эми кыргыз радиосунда «Казына», «Ибарат», «Жаш толкун», «Кабарлар», «Кыргызстан» ж. б. чыгармачыл-өндүрүштүк бирикмелер түзүлгөн. Кыргыз радиосунун 2-программасы «21-кылым радиосу» болуп ачылган. 2003-ж КРдин Улуттук телерадио корпо-



рациясы аталып, Улуттук статуска ээ болгон. 2006-ж. КРдин Мамл. телерадио к-ти болуп, ал эми чыг-лык бирикмелер кайрадан редакцияларга, студияларга өзгөртүлгөн. 2008-ж. кайрадан КРдин Улуттук телерадио корпорациясы аталган. 2010-ж. КРдин коомдук телерадио корпорациясы болуп өзгөртүлүп, курамы 15 кишиден турган Байкоочу кеңеши түзүлгөн. Көрсөтүүлөрдү иретке келтирип, эфирге берүүнү программа дирекциясы ишке ашырат. Учурда корпорацияда Коомдук 1-канал, анын курамында «Ала-Тоо» маалымат борбору, «Ибарат» маданий-агартуу борбору, «Замана», «Дөөлот», «Келечек» студиялары, жаштар редакциясы, соц.-экон. программалар редакциясы бар. КТРКнын «Кыргыз радиосу» бирикмесинде «Биринчи радио», «Кыргыз радиосу», «Миң кыял ФМ», «Түнкү Белес» ж-а «Балдар ФМ» радиолору, респ. Радио Теле Борбор ж-а «*Кыргызтелефильм*» студиясы бар. Заманбап жаңы технол. жабдуулар м-н жаңылануууда. Жетекчилери: С. Бектурсунов (1931–32), Т. Кыпчакбаев, О. Сарманов (1933–37), Т. Шамшиев (1938–41). В. Экстратов, К. Кыдырбаева (1942–48), М. Токобаев (1949–53), Т. Суванбердиев (1953). Р. Менсеитова (1957–60), А. Ботоканова (1961–64), А. Токомбаев (1964–85), А. Стамов (1985–86), У. Орозова (1986–91), С. Жээнбеков (1991–92), Т. Казаков (1992–93), К. Өмүркулов (1993–94), А. Матисаков (1994–95), А. Карыпкулов (1996–2001), М. Мамбетакунов (2001), Т. Айтикеева (2002–04), С. Мусаев (2004–05), С. Абдракманов (2005), К. Молдокасымов (2005–07), М. Эшимканов (2007–09), К. Орозбай кызы (2009–10), 2010-жылдан К. Оторбаев.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КООМДУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫНЫН АКАДЕМИЯЛЫК СИМФОНИЯЛЫК ОРКЕСТРИ, к. *Кыргыз академиялык симфониялык оркестри* А. Жумакматов атн.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КООМДУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫНЫН КАМЕРАЛЫК ХОРУ, к. *Кыргыз академиялык хору.*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ – Кыргыз Республикасынын негизги мыйзамы. СССРдин жоюлушу м-н КР толук эркиндикке, көз карандысыздыкка жетишип, 1993-ж. 5-майда КР Конституциясы кабыл алынган. Анын 1-статьясына ылайык, Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – эгемендүү, улуттук, унитардык, динден тышкары демокр. респ. деп жарыяланган. Коомдук турмуштун кыска мезгилде тез өзгөрүшү м-н 1994-ж. 22-октябрь, 1996-ж. 10-февраль, 2007-ж. 21-октябрь, 2011-ж. 22-октябрдагы бүткүл элдик референдумдардын жыйынтыктарына ылайык, К. Р. К-на өзгөртүүлөр ж-а толуктоолор киргизилген. К. Р. К. ж-дө кеңири маалыматты, к. *Кыргызстан* атайын том.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КӨРКӨМ СҮРӨТ АКАДЕМИЯСЫ Т. Садыков атн. – жогорку билим берүүчү көркөм сүрөт окуу жайы ж-а ил.-из. мекемеси. 1991-ж. КРдин Президентинин жарлыгы м-н Жогорку мамлекеттик көркөм сүрөт коллежи түзүлгөн. 2002-ж. КРдин Көркөм сүрөт академиясына улуттук статусу берилип, 2004-ж. Т. *Садыковдун* ысмы ыйгарылган. Академиянын максаты – көркөм сүрөт б-ча ар тармактуу, көп баскычтуу үзгүлтүксүз билим берүү концепциясын ишке ашыруу. Анын структурасы жогорку кесипкөй иск-во чеберлерин ж-а иск-во таануучуларды даярдоо үчүн окуу-методикалык ж-а ил. базаны түзүүнүн бирдиктүү программасына киргизилген бир катар компоненттерди камтыйт. Академиянын көркөм



сүрөт мектебинин баштапкы класстарынан 4 жыл бою (6–9-класс) респ-нын шаарларынан ж-а райондорунан келген жөндөмдүү балдар, о. эле обл. балдардын көркөм сүрөт мектебинде окугандар көркөм сүрөт иск-восунан базалык билим алышат. Экинчи баскычы – 5 ф-ти бар 3 жылдык көркөм сүрөт окуу жайы. Ин-тта станок скульптурасы, живопись, опор жай графикасы, көркөм жасалгалоо, иск-во таануу ф-ттери бар. Академиянын структурасында ил.-из. бөлүмү, ил.-методикалык музей иштейт. Тунгуч президенти – Т. Садыков (1995-жылдан).

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТЫНА ЭМГЕК СИҢИРГЕН ИШМЕР – ардак наам. 1991-ж. чейин Кыргыз ССРинин мад-тына эмг. сиң. ишмер. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1954-жылдын 30-ноябрындагы ж-а 1968-жылдын 15-майындагы жарлыктары м-н бекитилген. Жогорку билими бар, адистиги б-ча кеминде 15 жыл мад-тты өнүктүрүүдө, физкультура ж-а спорт, мад-т сарайларында, үй-

лорүндө, клубдарда иштегендерге, оздук көркөм чыг-лыктын катышуучуларына, эл чыг-лык үйлөрүнүн, газета-журналдардын, басмалардын, китепканалардын, кинематографиянын, окуу жайлардын ж. б. кызматкерлерине берилет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ПАТЕНТТИК-ТЕХНИКАЛЫК КИТЕПКАНАСЫ (МПТК) 1967-ж. негизделген. Адеп китепкана Кыргыз ССР Мампланынын, КР Экономика ж-а финансы министрлигинин, КР Илим ж-а жаңы технологиялар б-ча к-ттин ведомстволоруна караштуу болгон. 1998-жылдан Кыргызпатенттин карамагында. МТПКда өтө маанилүү фонддор: патенттер, ГОСТтор, тех. шарттар, курулуш норма эрежелери, авторефераттар, диссертациялар, ил.-из. иштери б-ча отчёттор ж. б. сакталат. Китепкана жылына 50 миңден ашуун окурманды тейлеп, алардын колуна 1 млн 500 миңдей документ бере алат. Окурмандардын 80%ин ЖОЖдун студенттери, профессор-окутуучулар, ойлоп табуучулар, ишкерлер түзөт. МТПК белгилүү даталарга арналган тематикалык көргөзмөлөрдү уюштурат, интернет аркылуу окурмандар дүйнөнүн 60 патенттик ведомстволорунун ресурстарын колдоно алышат. Китепкананын иш-чаралары респ. басма сөздө, Кыргызпатенттин «Вестник КП: вопросы интеллектуальной собственности», «Интеллект, чыгармачылык, турмуш» журналдарына жарыяланат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК СИМВОЛДОРУ – Кырг-ндын өз алдынча, эгемендүү мамлекет экенин далилдеген негизги белгилер. Аларга мамл. туу, герб ж-а гимн кирет. Коз каранды эмес респ. болуп жарыяланганга чейин мамл. символикалардын бардык түрүндө коммунисттик идеологиянын белгилери (орок-балка, 5 бурчтуу жылдыз, пролетардык ураан ж. б.) сакталып келген. Кырг-н эгемендүү мамл. болуп жарыялангандан кийин КРдин *Жогорку Кеңеши* тарабынан 1992-ж. 3-мартта мамлекеттүүлүктүн башкы белгиси болуп, кызыл түстөгү туу (авторлору – С. Иптаров, Б. Жайчыбеков, Ж. Матаев, М. Сыдыков, Э. Айдарбеков), ошол эле жылы 18-декабрда мамл. гимн (авторлору – Ж. Садыков, Ш. Кулуев, К. Молодобасанов, Н. Давлесов), 1994-ж. 14-январда мамл. герб (авторлору – А. Абдраев, С. Дубанаев) кабыл алынган.





Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимни

Сөзү Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики
Музыкасы Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку


Салтанаттуу
Ак моңгүлүү аска зоолор, талаалар,
Ак моңгүлүү аска зоолор, талаалар,
Ак моңгүлүү аска зоолор, талаалар,



1

Ордендер:

1. Ак шумкар өзгөчө белгиси.
2. I даражадагы Манас ордени.
3. II даражадагы Манас ордени.
4. III даражадагы Манас ордени.
5. Данакер ордени.
6. Баатыр эне ордени.

Медалдар:

7. Эрдик медалы.
8. Даңк медалы.
9. Күжүрмөн кызмат өтөгөндүгү үчүн медалы.
10. Эне даңкы медалы.



2



3



4



5



6



7



8



9



10

тейт. Белгилери, орден китепчелери ж-а күбөлүктөрүнүн үлгүлөрү, о. эле сыйлыкка көрсөтүү, тапшыруу, тагынуу, каттоо ж-а сактоо тартиптери Кыргыз Республикасынын Баатыры – эң жогорку артыкчылык даражасы мамлекет м-н эл алдындагы өзгөчө жеке сиңирген эмгеги, КР эркиндигин ж-а көз каранды эместигин коргоодо өзгөчө көрсөткөнү үчүн жарандарга КР Президенти тарабынан бир гана жолу ыйгарылат. Кыргыз Республикасынын Баатыры эң жогорку артыкчылык даражасына татыктуу болгон адамга Ак Шумкар өзгөчө белгиси тапшырылат. Ак Шумкар өзгөчө белгиси сол төшкө КР ордендери м-н медалдарынын үстү жагына тагылат. Манас ордени м-н мамл. ж-а демокр. коомду, элдин биримдигин коргоого ж-а чыңдоого, өлкөнүн экон., руханий ж-а интеллектуалдык потенциалын арттырууга кошкон салымы үчүн берилет. Ордендин үч даражасы бар. Сыйлоо III даражасын берүүдөн башталат. Өзгөчө учурларда Президент жарандарды түз эле I даражасы м-н сыйлай алат. Орден сол төшкө КР ордендери м-н медалдарынан мурда тагылат. Данакер ордени тынчтыкты, элдер ортосундагы достукту ж-а кызматташтыкты чыңдоого, улуттар аралык ынтымакты сактоо б-ча үзүрлүү иштеген, илимди өнүктүрүүгө, улуттук мад-ттарды жакындатууга салым кошкон жарандарга ыйгарылат. Манас орденинен кийин сол төшкө тагылат. Баатыр эне ордени м-н жети ж-а андан ашык бала төрөгөн ж-а тарбиялап өстүргөн же балдары Кыргыз Республикасынын Баатыры эң жогорку артыкчылык даражасына татыктуу болгон энелер сыйланат. Орден сол төшкө КРдин медалдарынан мурда тагылат. Эрдик медалы адамдарды сактап калууда, коомдук тартипти сактоодо, кылмыштуулукка каршы күрөшүүдө, бөөдө кырсыктардан, өрт, апаат ж. б. өзгөчө кырдаалдарда, о. эле өмүргө коркунуч коштолгон шартта аскердик, кызматтык ж-а жарандык парзын аткарууда каармандык ж-а чечкиндүү иш-аракет көрсөткөн жарандар сыйланат. Сол төшкө КРдин ордендеринен кийин тагылат. Даңк медалы м-н мамл. кызматтагы, өндүрүштүк, ил.-тех., чыгармачыл, тарбиялык, коомдук ж-а кайрымдуулук ишиндеги олуттуу жетишкендиктери үчүн жарандар сыйланат. Сол төшкө Эрдик медалынан кийин тагылат. Күжүрмөн кызмат өтөгөндүгү үчүн медалы КР Коргоо министрлигинин, Улуттук гвардиясынын аскер кызматчылары, КРдин Улуттук коопсуздук кеңешинин, ИИМдин, Өзгөчө кырдаалдар ж-а жарандык коргонуу министрлигинин, Мамл. коргоо кызматынын, аскер прокуратурасынын ж-а аскер сотторунун кызматчылары ж-а аттестацияланган кызматкерлери кызмат милдеттерин ак ниет аткаргандыктары, күжүрмөн ж-а саясий даярдыктагы мыкты көрсөткүчтөрү үчүн сыйланат. 2 даражасы бар: I даражасы 20 жыл ж-а андан ашык, II даражасы 15 жыл ж-а андан ашык мезгил кынтыксыз аскер кызматын өтөгөндүгү үчүн КРдин эгемендүүлүк күнүнө карата ыйгарылат. Сол төшкө Даңк медалынан кийин тагылат.

Ы. Кадыров.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨНӨР ЖАЙГА ЭМГЕК СИҢИРГЕН КЫЗМАТКЕРИ – ардак наам. 1991-ж. чейин Кыргыз ССРинин ө. ж-га эмг. сиң. кызматкери. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1970-жылдын 30-ноябрындагы указы м-н белгиленген. 1991-жылдан КР Президентинин жарлыгы м-н ыйгарылат. Өндүрүшкө илимдин жетишкендиктерин, техниканын ж-а эмгектин алдынкы ыкмаларын киргизүү аркылуу өндүрүш тапшырмаларын аткарууда, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууда, продукциянын сапатын жакшыртууда ж-а өздүк наркын төмөндөтүүдө жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен, адистиги б-ча кеминде 15 жыл үзүрлүү иштеген негизги адистиктеги жумушчуларга, о. эле жогорку же атайын билими бар инженер-техник кызматкерлерге берилет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ – жогорку окуу жайы. 1992-ж. КР Президентинин жарлыгы м-н мамл. кызматка адистерди даярдоону ж-а кайра даярдоону камсыз кылуу максатында Бишкек Эл аралык менежмент ж-а бизнес мектеби ачылып, кийин 1997-ж. КР Президентинин Указы м-н КР Президентине караштуу Башкаруу академиясы болуп кайра түзүлгөн. Мамл. бийлик органдарын окуу-методикалык, ил. ж-а маалымат-аналитикалык жактан камсыздандыруу, о. эле башкаруу ж-а



экон., мамл. адис кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу, даярдоо ж-а кайра даярдоо функциясы ыйгарылган. Академияда мамл. ж-а муниципалдык башкаруу ин-ту, Бишкек эл аралык менежмент ж-а бизнес мектеби, о. эле А. Токтоналиев атн. Бишкек финансы-экон. окуу жайы иштейт. Академия 20 жылдан бери универсалдуу билим берүүчү окуу жай катары өнүккөн. Кадрларды даярдоодогу окуу-методикалык иштери бөлүштүрүлүп, 130дан ашык адис профессор окутуучулар, белгилүү окумуштуулар эмгектенишет ж-а учурда 2150дөн ашык студент билим алат. Магистратура (күндүзгү, кечки ж-а сырттан окуу бөлүмдөрү), бакалавр (күндүзгү бөлүмү) программалары иштейт. Башкаруу академиясы Борб. Азия аймагындагы Бизнес мектебинин ассоциациясынын, Борб. Азиядагы ЖОЖдордун ресурстук тармагынын мүчөсү. Уюштуруучусу ж-а ректору – М. *Ашыркулов.*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРОКУРАТУРА ОРГАНДАРЫ, к. *Кыргызстан* атайын том.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОТ СИСТЕМАСЫ, к. *Кыргызстан* атайын том.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СҮРӨТЧҮЛӨР СОЮЗУ – респ-дагы сүрөтчүлөрдү (живописчилерди, скульпторлорду, графиктерди), жасалгаколдонмо өнөрүнүн чеберлерин ж-а иск-во таануучуларды бириктирген коомдук чыгармачыл уюм. 1933-ж. уюштурулган. 1934-ж. жетекчи органы шайланган. Союз сүрөтчүлөрдүн чеберчилиги м-н талант кудуретин өстүрүүгө, чыг-лык изденүүлөрүнө көмөктөшүп, жаштардын чыглык жактан калыптануусуна кам көрөт. Сүрөтчүлөрдүн идеялык-тарбиялык, кесиптик ж-а теор. денгээлин көтөрүү б-ча иш жүргүзөт: чыгармачыл талкуу, командировка, түрдүү сүрөт көргөзмөлөрүн, конф-я ж. б. уюштурат, мыкты сүрөт үлгүлөрүн элге жайылтууга көмөктөшөт. Союздун карамагына КР сүрөт фонду м-н сүрөтчүлөрдүн Ош обл. бөлүмү кирет. Союздун төрагалары: С. Чуйков (1933–37), А. Евдаков (1937–40), Г. Айтиев (1940–52, 1954–68), А. Михалёв (1952–54), Т. Садыков (1968–83), Ж. Үмөтов (1988), С. Чокморов (1988–92), С. Айтиев (1992–96), Ж. Кадралиев (1996), Ж. Молдакматов (1996–98), Т. Курманов (1998-жылдан).

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЕЙЛӨӨ ЧӨЙРӨСҮНӨ ЭМГЕК СИҢИРГЕН КЫЗМАТКЕРИ – ардак наам. 1991-ж. чейин Кыргыз ССРинин тейлөө чөйрөсүнө эмг. сиң. кызматкери. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1965-жылдын 27-августундагы ж-а 1970-жылдын 30-ноябрындагы указы м-н белгиленген. 1991-жылдан КР Президентинин жарлыгы м-н ыйгарылат. Респ-нын мамл. ж-а кооперативдик соода, коомдук тамактануу ишканаларынын ж-а даярдоо, жабдуу уюмдарында, ИИИлеринде ж-а лабораторияларында, окуу жайы, соода ж-а керек-жарак кооперациясы ж. б. уюмдарда кеминде 15 жыл үзүрлүү эмгектенген жогорку ж-а атайын билимдүү кызматкерлерге берилет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТОКТОГУЛ АТЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫГЫ – ад-т, иск-во ж-а арх-ра тармагындагы Кырг-ндын көп улуттуу мад-тын байыгуу ж-а жакындаштырууга чоң салым кошкон [illegible] тикалык ж-а тарбиялык таасири күчтүү, о. эле коомго кеңири таанылган мыкты чыгармалар үчүн эки жылда бир жолу ыйгарылуучу сыйлык. Алгач Кырг-н КП БКрын ж-а Кыргыз ССР Министрлер Советинин 1966-ж. 20-ноябрдагы токтому м-н «Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгы» болуп бекитилген, кийин КРдин Өкмөтүнүн 2000 жылдын 23-ноябрындагы токтому м-н «Кыргыз Республикасынын Ток-

тогул атн. мамл. сыйлыгы» болуп озгортулгон. Мамл. сыйлыкка тарбиялык мааниси мыкты, коркомдук баасы жогору чыгармаларды жаратkан адамдар корсотулот. Сыйлык жеке адамга, о. эле авторлор жамаатына да ыйгарылышы мумкун. Сыйлыкка корсотулгон чыгарма акыркы уч жылда, бирок сыйлыкты кезектеги ыйгарууга чейин кеминде бир жыл мурда жарыяланган (эл алдында аткарылган, корсотулгон, курулган) болууга тийиш. Сыйлыкка корсотулгон чыгармаларды КРдин Ад-т, иск-во ж-а архра тармагындагы Токтогул атн. мамл. сыйлыктары б-ча к-т карап, чечим чыгаргандан кийин КР Өкмоту Президентке бекитуу учун жонотот. Мамл. сыйлыкты алган адамдарга «Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты» деген наам м-н бирге ыйгарылат, акчалай сыйлык, диплом, ардак белги ж-а лауреаттык куболугу тапшырылат. Ардак белги кокуроктун он жагына ордендер м-н медалдардын, чет мамлекеттердин бардык ардак белгилеринен ойдо тагылат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУКТУК-ЖАРАНДЫК КОДЕКСТЕРИ, к. *Кыргызстан* атайын том.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ЖАЗУУЧУЛАР СОЮЗУ – Кырг-ндын профессионал калемгерлеринин чыгармачыл уюму. 1927-ж. Кыргыз борб. педтехникумунда уюшулган чыг-чыл жаштардын *«Кызыл учкун»* адабий ийримининн негизинде 1930-ж. Пролетарлар жазуучуларынын кыргыз ассоциациясы катары түзүлүп, 1933-ж. Кырг-н Кенеш жазуучулар союзу, 1934-ж. Кырг-н жазуучулар союзу деген аталыш м-н кайра уюштурулган. Буга ВКП(б) БКнын 1932-ж. «Адабий корком уюмдарды кайра уюштуруу жонундогу» токтому себеп болгон. 2005-жылдан азыркы аталышында. Коркомдук денгээли жогору, элдик философияга ишенимдүү негизделген, нускалык идеяларды камтыган, чыныгы тарыхый ж-а нукура эстетикалык асыл сапаттардан тайбаган чыгармаларды жаратууга оболго түзүү, улуттук соз онорун оркундотүүгө озгочо конул буруу, башка ад-ттын нарктуу баалуулуктарын элге жеткирүү ж. б. Жогорку башкаруу органы – съезд. Анда башкарма шайланат. Ал тораганы, секретариатты шайлайт, пленумду, съездди чакыра алат. Союзда поэзия, проза, драматургия, сын ж-а ад-т таануу, балдар ад-ты, корком котормо, орус тилинде жазгандардын ж. б. секциялары бар. Ош, Жалал-Абад, Баткен, Талас, Ысык-Кол, Нарын обл-тарында болумдор иштейт. СССР адабий фондусунун кыргыз болуму, корком ад-тты жайылтуу бюросу, «Арашан» чыгармачыл үйү союзга караштуу болгон. Убагында «Ала-Тоо», «Литературный Киргизстан» адабий-корком, коомдук-саясий журналдары, «Кыргызстан маданияты» гезити чыгып турган. Азыр союздун органы болгон «Кыргыз адабияты», жазуучулар м-н мад-т ишмерлеринин «Жаны Ала-Тоо» журналы, «Адабий Ала-Тоо» гезити чыгат. Союздун 1-съезди 1934-ж., 13-съезди 2004-жылы откон. Союздун башкарма торагалары (1-секретарлары): А. Токомбаев (1934–37); Т. Умоталиев (1937–40); А. Токомбаев м-н К. Баялинов [алмак-салмак (1944– 54); А. Салиев (1954–60); Т. Абдумомунов (1969–71); Т. Аскаров (1971–86), Ч. Айтматов (1986–91); А. Жакшылыков (1991–95); Ж. Мавлянов (1995–96); Н. Алымбеков (1996–2004); Ж. Садыков (2004–06); А. Омурканов (2006–07); О. Султанов (2007–09); А. Алымбаев (Баяс Турал) (2009–11); 2011-жылдын апрель айынан Ч. Абыкеев.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ (КР УИА) – Кырг-ндагы мамл. жогорку ил. мекеме, к. *Кыргызстан* атайын том.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ – мамлекеттин акча-кредит саясатын жургузуучу мекеме. Банктын ишмердиги респ-да баанын туруктуулугуна жетишүү, улуттук валютанын сатып алуу жондомдуулугун колдоо, банктык ж-а толоо системасынын коопсуздугун ж-а ишенимдүүлүгүн сактоого багытталган. Банктын статусу, милдеттери, ыйгарым укуктары, уюштуруу принциптери ж-а ишмердиги КРдин Конституциясы ж-а «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жонундо» Мыйзам м-н белгиленет. Коюлган милдеттерин аткаруу учун КРдин Улуттук банкы оз ишмердигин мамл. бийликтин ж-а башкаруунун органдарына коз карандысыз уюштурат ж-а жүзого ашырат. Улуттук банктын негизги милдеттери: 1) КРде акча-кредит саясатын иштеп чыгат, аныктайт ж-а жургузот; 2) Улуттук банк лицензиялоочу банктардын ж-а финансы-кредит мекемелеринин ишмердигин жонго салат ж-а козомолдойт; 3) бирдиктүү валюта саясатын иштеп чыгат ж-а жүзого ашырат; 4) акча белгилеринин эмиссиясын жургузгудо артыкчылыктуу укукка ээ; 5) толоо системасынын натыйжалуу иштоосуно оболго түзот; 6) банк системасы учун банк операцияларын, бухгалтериялык эсеп ж-а отчёттуулукту жургузгүнүн эрежелерин белгилейт. Улуттук банк финансылык ж. б. маселелер б-ча КРдин Президентинин, Жогорку Кенешинин, Өкмотүнүн финансылык кенешчиси болуп саналат. Ал финансылык ж-а банк ишмердигине байланышкан нормативдик-укуктук актылардын долбоору б-ча корутунду чыгарат. «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жонундо» мыйзамга ылайык Улуттук банктын ишмердигин анын башкармалыгы башкарат. Башкармалыктын кенешмеси айына бир жолудан кем эмес откорулот.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК КИТЕПКАНАСЫ – мамл. башкы китепкана.

1934-ж. Кыргыз АССР ЭКСтин чечиминин негизинде китепкана катары ачылып, 1938-ж. респ. китепкана болуп кайра түзүлгон. 1939-ж. Кыргыз ССР Жог. Советинин Президиумунун жарлыгы б-ча Н. Г. *Чернышевскийдин* ысмы берилген. КР Өкмотүнүн 1993-жылдын 12-октябрындагы № 486 токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын улуттук китепканасы статусун алган. Мамлекеттин башкы китепканасы аталып, улуттук мурастар сакталган. Кырг-ндагы китепканалардын ишин, кооперация ж-а координациянын негизги багыттарын онуктүрүү борбору; китепканалар аралык абонементтин (МБА) улуттук системасынын, эл аралык электрондук камсыздоо-берүүлөрдүн (ЭБА) ж-а китепкана ишинде инновациялык технологияларды киргизүү ж-а улуттук коммуникация тармагын түзүү



борбору, о. эле Кырг-ндагы бардык китепканалардын ил.-методикалык борбору катары ил.-изилдоочу мекеме болуп эсептелет. Китепкана 2011–15-жылдардагы онуктүрүүнүн стратегиясын; эл аралык донорлор м-н кызматташтыкты онуктүрүү; уюштурууну ж-а башкарууну жакшыртуу; иштоону тех. ж-а технол. модернизациялоо; жаны моделде тейлоо; китепкана фондурун калыптандыруу максаттарын ишке ашырууда. Китепкана фондунда 6 млн басылма ж. б. маалыматтык ресурстар бар. Жылына 300 миллге жакын окурмандар тейленип, 1 млн басылма пайдаланууга берилет. Жыл сайын 700го жакын маалымдоо-массалык иш-чаралары откорулот. Китепкана бардык тармактар б-ча басылмаларды берет, библиогр. суроо-талаптарды аткарат, суроолор б-ча ад-ттардын тизмесин түзот ж-а актуалдуу электрондук ресурстардан пайдалануну камсыздайт. Түрдүү тармактар б-ча дифференцияланган 16 окуу залында 1000ден ашык окурмандык орун бар. Орто эсеп м-н күн сайын 600дон 1000ге чейин окурман тейленет. Фондло 90 тилдеги 6 млнго жакын ад-т бар. Жыл сайын китепканага орто эсеп м-н 20–25 мин нуска түрдүү басылмалар алынат а. и. карта, нота, кол жазмалардын, сейрек кездешүүчү китептердин, сурот басылмалардын, диссертациялардын, гезит-журналдардын, патенттик ж-а нормативдик-тех. документтердин атайын түрлөрүнүн, укма, кормо материалдардын ж. б. жыйнактары бар. Маалыматтык-иликтоо аппараты 40тан ашык карточкалык ж-а электрондук формадагы каталогдордон ж-а картотекалардан турат. Электрондук каталогдор ресурсуна: китептердин электрондук каталогу, мезгилдүү басылмалардын электрондук каталогу, «Кыргызстан» электрондук каталогу, Кырг-ндын китепканаларынын бириктирилген каталогу, чет-тилдердеги ад-ттардын электрондук каталогу ж. б. кирет. Китепкананын библиографтары Кырг-ндын улуттук библиографиясын түзүүгө орчундуу салым кошушкан. Ил.-комокчү библиографияда бардыгы 160 миңге жакын документ катталган. Анын 38 000ден ашыгы кыргыз тилинде. Улуттук библиография болуму 30 жылдан ашык убакыт «Кыргызстан жонундогу адабияттар» ретроспективалык корсоткучун түзүү б-ча иштоодо. «Тарых. Археология. Этнография», «Кыргызстандын табигый шарттары жана табигый ресурстары», «Онор жай. Транспорт. Байланыш», «Адабият. Искусство», «Айыл чарба» сыяктуу тармактык библиогр. эмгектер басылып чыккан. 1964-жылдан баштап «Кыргызстан: Дни. Люди. События» жылдык библиогр. басылмасы чыга баштаган. Орус ж-а кыргыз тилдериндеги 36 чыгарылышта Кырг-ндын белгилүү даталары, дүйно элдеринин каада-салттары ж-до 1000ден ашык маалымат бар. Жазуучулардын юбилейлерине карата «Токтогул Сатылганов», «Алыкул Осмонов», «Түгөлбай Сыдыкбеков», «Касымалы Баялинов» ж. у. с. корсоткучтор чыгарылган. Китепкана «Кыргызстандын маданий турмушу» маалыматтык дайжестти кыргыз, орус тилдеринде чыгарып турат. Ил.-изилдоо иши улуттук библиогр. китепкана иштеринин базалык багыты болуп эсептелет. Китепкана уч томдук «История библиотечного дела Киргизии» аттуу документтердин ж-а материалдардын жыйнагын (1959–70), «Китепканалык иш. Терминдердин кыргызча түшүндүрмө сөздүгү», «Научная жизнь библиотек Кыргызстана» аталган ил. макалалар жыйнагын, о. эле «Айтматов ааде-мы» аттуу эки тилдеги библиогр. эбдикте-дия, «Кыргыз китепканасы–Библиотека Кыргызстана» ил.-практикалык журналын чыгарууда И. Раззаковдун 100 жылдыгына карата «Айтыш-ды дат баспайт» аттуу эмгегин даярдоодо жана чыгарууда тартуулаган. Китепкана иштерди ал-ла-ла негиздоодо уюштуруучу-методикалык борбор-жайылтууда китепканалык Ассоциациянын борбору. Маданият ж-а агартуу борбору менен бирдикте Юбилейлик даталарга ж-а окуучулардын жыл сайын 500дон ашык маалымат иш чаралары уюштурулат. Самар. ил.

конф-я, китеп-сүрөт көргөзмөлөрү ж. б.). Улуттук китепкана өзүнүн ресурстарын жаңы технология аркылуу сактоого, байытууга умтулат. «Манас» баатырдык эпосу Дүйнөлүк электрондук китепканага жайгаштырылган. ЮНЕСКО ж-а АКШ конгрессинин Китепканасынын колдоосунун алдында 2009-жылдын 21-апрелинде Интернет тармагында уникалдуу Дүйнөлүк электрондук китепканага (WDL) манасчы С. Каралаевдин кыргыз тилиндеги толук варианты (жалпы көлөмү 1584 барак болгон беш китеп), 1946-ж. Москвадан чыккан С. Липкин которгон орусча котормосу, эпостун З. Бектенов ж-а К. Нанаевге таандык прозалык мазмуну, о. эле Уолтер Мей которгон англис тилиндеги тексти реж. М. Убукеевдин «Манасчы» фильминен С. Каралаев ж-дөгү фрагменттер да киргизилген. «Манас» эпосунун кыскача аннотациясы жети тилде (араб, кытай, англис, француз, португал, орус, испан) баяндалып ж-а талапка ылайык маалыматтар м-н камсыздалган. Бул издөөнү женилдетип, дүйнөлүк маданий мурастар м-н таанышууга ж-а изилдөөгө мүмкүндүк түздү. Акыркы жылдарда китепканада 25 долбоор ишке ашырылып, китепкананын фондуна жаңы ад-ттардын келе баштоосуна, тех. жабдууларын жаңыртууга, китепканалык-маалыматтык процесстерди автоматташтырууга, чет элдик ад-ттарга, электрондук маалымат ж. б. интернет дүйнөлүк маалыматтар базасына пайдалануучулардын кирүүсүнө кеңири шарт түзүлдү. Мына ушулардын бардыгы китепкана кызматын жаңы сапаттагы деңгээлге көтөрүүгө, маалыматка жетүүнүн жаңы технологияларын киргизүүгө мүмкүндүк берди. Улуттук китепкана дүйнөнүн 40тан ашуун ири китепканалары м-н кызматташат, а. и. Россиянын мамл. китепканасы, Ельцин атн. Президенттик китепкана, Россия Улуттук китепканасы, Россиянын мамл. ил.-тех. китепканасы, АКШ Конгрессинин китепканасы, Малайзиянын, Ирандын, Японияның, Франциянын, КМШ өлкөлөрүнүн улуттук китепканалары бар. Россия мамл. китепканасынын фондунда сакталып турган 600 миңге жакын диссертациялардын толук текстине, эми Кыргыз Респ-нын пайдалануучулары өлкөнүн чегинен чыкпай туруп кирүү укугуна ээ болду. Муну китепканадагы кызматтан пайдаланса болот. Китепкана – Эл аралык кесиптик коомдун мүчөсү. Эл аралык уюмдардын программаларын ишке ашырууга катышып, мад-т, илим ж-а билим берүү чөйрөлөрүндө кызматташат. О. эле Евразия китепканалар ассамблеясынын Коммерциялык эмес өнөктөштүгүн уюштуруучулардын бири болуп эсептелет ж-а анын максаты – китепканалык-маалыматтык ж-а социалдык-маданий биргелешкен мейкиндикти түзүү болуп саналат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК ЖАШТАР СЫЙЛЫГЫ – салттуу, адеп-ахлактык, маданий көөнөрбөс баалуулуктарды өркүндөтүү м-н сактоого ж-а жаш муундарды рухий жактан тарбиялоого, гуманизм, демократия принциптерин бекемдөөгө кошкон өзгөчө салымы, ад-т м-н журналистиканын мыкты чыгармалары ж. б. үчүн жаш жарандарга ыйгарылуучу сыйлык, КРдин Өкмөтүнүн 2000-жылдын 23-августундагы №514 токтому м-н бекитилген. Сыйлык ыйгарылган лауреаттарга лауреаттын диплому, атайын байге ж-а 45 миң сом акчалай сыйлык берилет. Сыйлыкты ыйгаруу эки жылда бир жолу жүргүзүлөт. Изденип алуучулардын курагы 35 жаштан ашпоого тийиш. Сыйлык Жаштардын эл аралык күнүнө карата 10-ноябрда тапшырылат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ АКЫНЫ – ардак наам. 1991-ж. чейин Кыргыз ССР эл акыны. Жогорку идеялуу ж-а көркөмдүк жагынан баалуу чыгармаларды жараткан, кыргыз ж-а көп улуттуу элдин ад-тын өнүктүрүүгө ж-а байытууга көп эмгеги өткөн акындарга берилет. Наам Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1945-ж. 19-октябрдагы указы м-н белгиленген.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ АРТИСТИ – ардак наам. 1991-ж. чейин Кыргыз ССРинин эл артисти. 1939-жылдын 10-январындагы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун указы м-н бекитилген. 1991-жылдан КР Президентинин жарлыгы м-н берилет. Ал Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген иштмер, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти наамдарына татыктуу болгон, улуттук элдик ж-а профессионалдык көп тармактуу иск-вонун өнүгүшүнө өзгөчө салым кошкон ырчыларга, комузчуларга, композиторлорго, драматургдарга, филармониянын, театрлардын, кино, эстрада, цирк артисттерине, режиссёрлоруна ж. б. берилет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ ЖАЗУУЧУСУ – ардак наам. 1991-ж. чейин Кыргыз ССР эл жазуучусу. Көркөмдүк жагынан нускалуу чыгармалар, ад-т жагынан эң ири эмгектер берген, кыргыз ж-а көп улуттуу совет ад-тын өнүктүрүүгө ж-а байытууга кызматы өткөн жазуучуларга, драматургдарга, адабиятчыларга берилет. Наам Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1968-ж. 20-июндагы указы м-н белгиленген.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ МУГАЛИМИ – ардак наам. 2000-ж. КР Президентинин Указы м-н белгиленген. Билим берүү тармагында 25 жылдан кем эмес эмгектенген жогорку билимдүү, өзүнүн пед. иши жагынан өзгөчө айырмаланган, тажрыйбалуу, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, Кыргыз Республикасынын билим берүүгө эмгек сиңирген кызматкери наамдарын кеминде 5 жыл мурун алган мугалимдерге берилет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ СҮРӨТЧҮСҮ – ардак наам. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1944-жылдын 12-апрелиндеги указы м-н белгиленген. 1991-жылдан КР Президентинин жарлыгы м-н берилет. Жогорку же атайын орто билими бар, Кыргыз ССРинин искусствого эмгек сиңирген ишмери деген ардак наамга ээ, живопись, графика, скульптура, жасалга өнөрү, театр жасалгасы б-ча нускалуу чыгармаларды жараткан ж-а сүрөт өнөрүн өнүктүрүү ишинде сиңирген бетонче эмгеги үчүн сүрөт иск-восунун көрүнүктүү ишмерлерине ыйгарылат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК СИҢИРГЕН АРТИСТИ – ардак наам. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1939-жылдын 10-январындагы указы м-н белгиленген. 1991-жылдан КР Президентинин жарлыгы м-н берилет. Жогорку же орто билими ж-а кеминде 5 жылдык эмгек стажы бар, профессионалдык жогорку устаттыкка ээ болгон, өзүнүн иши м-н иск-вонун өнүгүшүнө көмөк көрсөткөн, жогорку көркөмдүктөгү образдарды, спектаклдерди, кинофильмдерди түзгөн театр, кино, цирк, эстрада артисттерине, режиссёр, дирижёр, балетмейстер ж. б. иск-во кызматкерлерине, о. эле эл чыг-лыгынын көрүнүктүү өнөрпоздоруна ж-а таланттуу аткаруучуларына берилет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК СИҢИРГЕН АРХИТЕКТОРУ – ардак наам. 1991-ж. чейин Кыргыз ССРинин эмг. син. архитектору. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1970-жылдын 30-ноябрындагы указы м-н белгиленген. 1991-жылдан КР Президентинин жарлыгы м-н берилет. Ал шаарларды курууда-гы, азыркы кездеги жаңыдык, о. ж-лык ж-а айыл арх-расында кеңири таанымал комплекстерди, курулуштарды ж-а имараттарды курууда ото көрүнүктүү чыг-лык ийгиликтерге ээ болуп, арх-раны өнүктүрүүдө сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн жогорку атайын билими бар, арх-рагеги үчүн жогорку атайын билими бар, арх-лык уюмдарда кеминде 15 жыл иштеген архлорго берилет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК СИҢИРГЕН МУГАЛИМИ – ардак наам. 1991-ж. чейин Кыргыз ССРинин эмг. син. мугалими. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1940-ж. 14-апрелдеги указы м-н белгиленген. Жогорку билимдүү, адистиги б-ча кеминде 15 жыл иштеген ж-а балдарды, окуучу жаштарды, студенттерди адеп-ахлактык жактан тарбиялоо ж-а окутуу ишинде, эл чарбасында, саламаттык сактоо, мад-т, агартуу үчүн кадрларды даярдоодо, өзүнүн пед. иши жагынан өзгөчө айырмаланган, респ-канын жалпы билим берүүчү мектептеринин, кесиптик-тех. билим берүү окуу жайларынын мугалимдерине, атайын, орто окуу жайлардын ж-а ЖОЖдордун окутуучуларына, балдар үйлөрүнүн, мектепке чейинки балдар мекемелеринин тарбиячыларына ж-а билим берүүдө эмгектенген башка кызматкерлерине берилет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК СИҢИРГЕН ЭКОНОМИСТИ – ардак наам. 1991-ж. чейин Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген экономисти. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1966-жылдын 22-августундагы ж-а 1970-жылдын 30-ноябрындагы жарлыктары м-н белгиленген. 1991-жылдан КР Президентинин жарлыгы м-н ыйгарылат. Орто же жогорку билими бар, адистиги б-ча кеминде 15 жыл иштеген ж-а коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууда өзүнүн практикалык же ил. иши м-н өзгөчө айырмаланган, КРдин финансы, банк, статистика органдарынын, ишканаларынын, курулуштарынын, мекемелеринин, уюмдарынын жогорку квалификациялуу экономисттерине, бухгалтердик эсеп кызматкерлерине берилет.

КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ Б. Ельцин атн. (КРСУ) – эл аралык жогорку окуу жайы. 1993-ж. КР ж-а РФтин ортосундагы кызматташтык ж-а эки тараптуу досттук, жардамдашуу келишиминин негизинде түзүлгөн. Өкмөт аралык макулдашууга ылайык, эки мамл. ортосундагы мамл. ЖОЖ. 2004-ж. Б. Н. Ельциндин ысмы берилген. Окуу пландары эки мамлекеттин билим берүү стандартынын негизинде түзүлгөн. Бүтүрүүчүлөрго КРдин ж-а РФтин мамл. диплому ыйгарылат. 8 ф-т (табигый-тех., экон., юрид., эл аралык мамиле, курулуш дизайны ж-а арх-ра ф-ттери), 80 кафедра, 6 ил.-изилдөө ин-ту, 15 ил. ж-а билим берүү борбору, 4 лаборатория, мед. борбор, 25 эстетикалык тарбиялоо студиялары, галерея, музей ж. б. бар. Окуу бюджеттик ж-а контрактык негизде күндүзгү ж-а сырттан окуу бөлүмдөрү аркылуу жүргүзүлөт. Структуралык бөлүмдөрүнүн башкаруу системасына шартталган негизги белгиси алардын ишке ашыруучу окуу программалардын мазмунуна, максаттарына дал келүүчүлүгү болуп саналат. Билим берүү программа-



сын модернизациялоо иштеринде, ЖОЖдордо окуу процессин методикалык жактан камсыз кылууну өнүктүрүүдө активдүү катышат. Текшерүү комиссиясы эки тараптан тең дайындалып, берилүүчү диплом эки мамлекет үчүн жарактуу болуп эсептелет. Ун-ттин уюштуруучусу ж-а ректору В. И. *Нифадьев* (1993-жылдан).

КЫРГЫЗ САНЖЫРАСЫ – кыргыз элинин түпкү тегин, келип чыгышын, таралышын баяндаган тарых илиминин бир тармагы. Негизинен баштапкы формасында жети атасынын тегин билип жүрүү үчүн оозеки түрүндө бир муундан экинчи муунга айтылып, сакталып жүрүп отурган (к. *Санжыра*). К. с. өз башталышын мифтик *Адам ата, Обо энеге* байланыштырып, ирети м-н раса, эл ж-а кээ бир уруулардын таралышын камтыган. Адам атадан Ноо (Нух) пайгамбар, андан Хам, Сам, Жапас (Яфас), Жапастын кийинки тукумунан Түрк, кыргыздар анын уулдарынын бири (кээ бир санжырада 8-мууну) Өгүз (Огуз, Угуз, Ууз) хандан тарайт деп эсептелинет. Анын андан кийинки тукумунун (көбүнчө 20, же андан ашыгыраак) бири *Долон бий* болгон. Мындай санжыраларды өз эмгегинде *Абу-л-Гази* Бахадур хан, *Рашид ад-Дин*, Хондемирлер да кенен пайдаланган. О. кылымдагы санжыраларда кыргыздардын башка элдер м-н байланышы, белгилүү адамдарды тарыхый окуялар аркылуу чагылдырып, аларды изилдеп, жазуу иштери жүргүзүлө баштаган (к. *«Мажму ат-таварих», «Тарих-и Рашиди»*). 20-к-га чейинки К. с-нда кыргыздар негизинен Борб. Тянь-Шань, Алтай аймактарында жашагандыгы айтылат. К. с-нын ичинен байыркы кыргыздарга тиешелүү болгон *Балыкооздун* санжырасында тарыхый окуяларга негизги басым жасалып, кыргыздардын коңурат, казак, кыпчак, курама, маңгыт, тайчык, жедигер, ногой, кытай, катаган, калча, өгүз сыяктуу уруулары (12 ата) болуп, Алтайга сүрүлөрдөн мурун Талас, Фергана ж-а Сыр-Дарыя бойлорун жердеген. Дүйнөлүк маанидеги эң чоң «Манас» эпосу да санжыранын негизинде баяндалган. Чыгыш таануучу В. В. *Бартольд*, окумуштуу-тарыхчы *Ч. Валиханов* ж. б-дын таасиринен улам кийинки санжырачылар *Тоголок Молдо, Талип Молдо*, Мухамедалы Кыпчаков ж. б-дын эмгектеринде Түш. Сибирь (Енисей) ж-дө түшүнүктөр кире баштаган. О. эле Бала Айылчы, Үмөт молдонун санжыраларында уруулардын таралышы, кыргыздардын кытай, казак, калмактар м-н болгон мамилеси баяндалат. Калмак жапырыгы, кыргыздардын *Ысар, Колопко* кириши, *Үчүкө-Түлкү*, хан *Кудаян* тууралуу манасчылар С. *Орозбаков*, Ш. *Ырысмендеев*, изилдөөчүлөр Ы. *Абдырахманов*, О. *Сыдыков* ж. б. айтып, жазып калтырышкан. Жуңгар хандыгынын жоюлушу, кыргыздардын биригиши, алардын азыркы



жашап жаткан аймактарына отурукташып калышы ж-дө Т. Алымбеков, ата-бала А. Акылбековдордун санжыраларында так ж-а кеңири берилген. Санжыраны ил. багытта кароого аракет кылгандардын бири – *Үсөйүн ажы*. Анда кызыл-суулук кыргыздардын санжырасы аркылуу байыркы кыргыз урууларынын тарашы, алардын башка элдер м-н байланышы каралган. Совет доорунда тарыхчылар (*С. Абрамзон*, Я. Винников ж. б.) ж-а жыйноочулар (Ы. Абдырахманов, М. Байгаринов ж. б.) тарабынан бир катар иштер жүргүзүлүп, К. с-н жыйноо тартипке келтирилген. 20-к-дын 90-жылдарынан К. с. ил. негизге салынып, бир нече эмгек жарык көргөн. Азыркы кыргыз элинин пайда болушу Долон бий ж-а анын уулдары *Ак уул* (Агул), Куу уул (Куул) м-н байланышкан. Ошондуктан кыргыздар оң канат (Ак уул, оң), сол канат (Куу уул, сол) ж-а ичкилик деп аталган топторго бөлүнгөн. Оң канатка *адигине, тагай ж-а муңгуш* уруулары кирген, а. и. адигине жору, бөрү, баргы, кара багыш, сарттардан; тагай *сарыбагыш, бугу, солто, тынымсейит, саяк, чекир саяк, жедигер, черик, азык, багыш, моңолдор, баарын* ж. б. уруулардан турат. Муңгуш уруусу жагалмай ж-а кош тамга деген эки топко тарап, кезинде бир нече майда урукка бөлүнөт. Сол канат *кушчу, саруу, мундуз, жетиген, кытай, басыз, тобой, чоң багыш* урууларынан; ичкилик *найман, тейит, кесек, жоо кесек, каңды, бостон, нойгут, доолос*, ават, кээ бир учурда кыдырша урууларынан турат. Булардан тышкары К. с-да өз алдынча (мис., коңурат) ж-а кыргыздар м-н тектеш эмес уруулар (калмак, сарт-калмак, чала казак ж. б.) да аталат. К. с-н бизге толук ж-а так жетти деп кесе айтууга болбойт, көбүнчө айтуучу, жазуучулардын социалдык же диний көз караштарына жараша ар кайсы мезгилде өзгөрүүлөргө дуушар болуп, хронол. жылдарды эсептөөдөн да жаңылыштык көп кеткен. Өзгөчө Октябрь рев-ясынан кийин андагы маалыматтарга маани берилбей, оозеки фольклордун бир бөлүгү катары каралып калган. Кыргыздардын өткөн тарыхын изилдөөдө К. с-нын мааниси чоң.

Ад: *Абуль-Гази хан.* Родословное древо тюрков. Казань, 1906; *Абрамзон С. М.* Народные предания как источник для изучения этнической истории киргизов Центрального Тянь-Шаня // Этническая история народов Азии. М., 1972; *Сыдыков О.* Тарых кыргыз Шадмания: Кыргыз санжырасы. Ф., 1990; *Солтоноев Б.* Кызыл кыргыз тарыхы. Б., 1993; Кыргыз санжырасы. Б., 1994; *Э. Төрөкан уулу* Кыргыздын кыскача санжырасы. Т. 1–2. Б., 1995; *Закиров С.* Кыргыз санжырасы. Б., 1996; *Мухаммед Хайдар Дулати.* Тарих-и Рашиди. А., 1999; *Абрамзон С. М.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1999; Алымбектин санжырасы. Б., 2007; Балыкооздун санжырасы. Т. 1–2. Б., 2009.

Р. Жолдошов.

«КЫРГЫЗСЕРИАЛДАРЫ» – 2003-ж. УТРКнын сериялуу фильмдерди чыгаруучу студиясы уюшулган. Уюштуруучусу ж-а жетекчиси – акын, драматург, журналист, Кырг-н жаштар сыйл. лауреаты Ж. Өзүбекова. Анын сценарийи б-ча коюлган «Чиркин өмүр» (40 серия), «Апамдын махабаты» (20 серия), «24 саат» (2 серия), «Кара жолтой» (3 серия), «Тор» (3 серия), «Кууш жолдо» (3 серия), «Сезимде калган издер» (4 серия) фильмдеринде улуттун өзгөчөлүгү, асыл наркы, салт-санаасы чагылдырылган. Сериалдар жанры б-ча ар түрдүү, мазмуну жөнөкөй ж-а жеткиликтүү берилген. Туңгуч кыргыз сериалдарын реж. М. Мамбетов ж-а Б. Айткулуев тарткан.

КЫРГЫЗ СОВЕТ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ – кыргыз совет ад-тынын жаралуу, телчигүү, өркүндөө тарыхын, белгилүү ад-т ишмерлеринин чыг-лык бейнелерин камтыган эмгек. Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунун ил. кызматкерлери тарабынан даярдалып, 1-тому 1987-ж., 2-тому 1990-ж. «Илим» басмасынан жарык көргөн. 1-томдун «Кыргыз элинин көркөм сөз мурасы» деп аталган баш сөзүн К. *Асаналиев* жазган. Эмгек беш главадан ж-а «Балдар адабияты» деген кошумча бөлүмдөн турат. I главада – «Кыргыз совет адабиятынын жаралышы тарыхый жана маданий шарттар» (обзордук бөлүгүн жазган – С. Жигитов); II глава – «Калыптануу жана жетилүү жолунда» (обзордук бөлүгүн жазган – О. Сооронов); III глава – «Кыргыз адабияты Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында» (обзордук бөлүгүн жазган – С. Байгазиев); IV глава – «Согуштан кийинки кыргыз адабияты» (обзордук бөлүгүн жазган – А. Садыков); V глава – «Азыркы кыргыз адабияты». Ар бир глава поэзия, проза, драматургия, көркөм котормо, корутунду бөлүмдөрүнөн туруп, адабият таануу ж-а адабий сын, акын-жазуучулардын, драматургдардын чыг-лыгы, портреттерине арналган главалардан түзүлгөн. 2-тому үч главадан турат: 1) Кыргыз совет адтынын жаралышына ж-а калыптанышына бөтөнчө салымын кошкон жазуучулар; 2) «Эл акындары», «Токтогул сыйлыгынын лауреаттары» деген наамга ээ болгондор; 3) айрым жанрды өнүктүрүүдө айрыкча чыг-чыл ийгиликтерге жетишкен авторлор ж-а жазуучулардын чыг-лыгына арналган бөлүмдөр хронол. принципте жайгаштырылган. Эмгекти жаратууда К. *Асаналиев*, Б. *Керимжанова*, С. *Жигитов*, А. *Садыков*, О. *Сооронов*, С. *Байгазиев*, К. Байжигитов, О. *Ибраимов* ж. б. эмгектенишкен.



КЫРГЫЗ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫ, Кыргыз ССРи – мурдагы Кыргыз автоном Советтик Социалисттик Республикасынын 1990-ж. 5-декабрдан кийинки аталышы. Совет мамлекетинин (к. *СССР*) жетиномоңдиктерин чагылдыруу максатында СССР Советтеринин укуктуу чакырылган 8-съездинин 1986-ж. 5-декабрдагы СССРдин кезектеги (экинчи) Конституциясынын кабыл алынышына байланыштуу Кырг-н союздук респ-нын укугун алып, анын негизинде 1991-жылдын 31-августунда чейин СССРдин курамында болгон к. атадын том *Кыргызстан*.

Ад: У истоков кыргызской национальной государственности / Ред.: Т. К. Койчуев, В. М. Плоских, Т. У. Усубалиев. Б., 1996; Кыргызская государственность в XX веке. Документы, история, комментарии / Сост. А. Джуманалиев. Б., 2003.

КЫРГЫЗ СОВЕТ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫНЫН БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫ, к. *«Кыргыз энциклопедиясы». Башкы редакциясы.*

«КЫРГЫЗСООДАМАШ» – жабык акционердик коом (1994). 1941-ж. Россиянын Курск обл-нан Кырг-нга эвакуацияланып келген Кант з-дунун өндөө мастерскаяларынын базасында түзүлгөн. 1942-ж. бул мастерскаялар Ново-Троицк машина куруу з-ду болуп аталган. Анда кант, пиво кайнатуучу ж-а кондитердик ө. ж. тармактары үчүн технол. жабдуулар даярдалган. Ишканаяны кеңейтүү ж-а реконструкциялоо б-ча Фрунзеде «Кыргызөнөржайдолбоор» ин-ту 1958–59-ж. түзгөн долбоордун негизинде 1975–80-ж. азыркы цехтер, коммуникациялар, периферия-лык-аймактык тосмолор курулган. «Жаңы конуш» турак жай массиви, заводдун кызматкерлери үчүн коттеджер, пионер лагери, бала бакчалар ж. б. курулган. 1994-ж. Сокулуктагы «Соодамаш» з-ду банкрот катары жоюлуп, 1996-ж. «Кыргызсоодамаш» ЖАК уюшулган. Ишкананын курамында 7 цех, металл кескич, куюучу, жыгач иштетүүчү, ширетүүчү, жүк көтөргүч станоктор ж-а машиналар м-н жабдылган участкалар бар.

КЫРГЫЗ ССР ЖОГОРКУ СОВЕТИ – Кыргыз ССРинин мамл. бийлигинин жогорку органы. Ал 1937-ж. 23-мартта кабыл алынган Кыргыз ССРинин Конституциясынын негизинде түзүлгөн. Жалпы, тең, тике ж-а жашыруун шайлоо укугунун негизинде мыйзамда белгиленген тартипте 18 жашка чыккан респ-нын бардык жараны 5 жылдык мөөнөткө шайланган. К. ССР Ж. С. – мыйзам чыгаруучу бирден бир орган болгон. Мыйзам чыгаруу эки формада – түздөн түз ж-а Жогорку Советтин Президиумунун сессияларынын аралыгындагы жарлыктар аркылуу жүзөгө ашкан. Ал Кыргыз ССРинин өкмөтүн (1927-жылдан Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Совети, 1946-жылдан Кыргыз ССР Министрлер Совети) түзүп, Кыргыз ССР Жогорку сотун, К. ССР Ж. С-нин Президиумун, анын төрагасы м-н 2 жардамчысын, Президиумдун секретарын ж-а 11 мүчөсүн шайлаган. Жогорку Советтин Президиуму сессия чакыруу, Кыргыз ССРинин мыйзамдарына түшүндүрмө берүү, буйрук чыгаруу, жалпы элдик референдум өткөрүү, мыйзамга туура келбеген Эл Комиссарлар (Министрлер) Советинин токтому же чечимин жокко чыгаруу, өкмөттү кызматка бекитүү же бошотуу, сыйлык, мунапыс берүү ж. б. укугуна ээ болгон. К. ССР Ж. С-нин сессияларын Президиум жылына эки жолу чакырган. Ар бир жаңы чакырылышынын 1-сессиясын депутаттардын эң улуусу ачып, депутаттардан К. ССР Ж. С-нин төрагасы, анын орун басарлары, туруктуу комиссиялары ж-а президиуму шайланган. Кыргыз ССРинин чукул чакырылган 5-съездинде (20–23-март, 1937) кабыл алынган жаңы Конституциянын негизине ылайык К. ССР Ж. С-нин 1-чакырылган 1-сессиясы 1938-ж. 18–20-июлда Фрунзе ш-нда өтүп, А. Толубаев төрагалыкка шайланган. 1990-ж. 15-декабрдагы «Мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын системасын кайра уюштуруу жөнүндө» мыйзамга ж-а 1991-ж. 31-августта кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө» Декларациянын негизинде 1993-ж. 5-майда КРдин жаңы Конституциясы иштелип чыгып, ага ылайык К. ССР Ж. С. *Жогорку Кеңеш* болуп өзгөрүлгөн.

КЫРГЫЗ ССР КОНСТИТУЦИЯСЫ – Кыргыз ССРинин негизги мыйзамы. 1929-ж. 30-апрелде Кыргыз АССРинин Конституциясы, 1937-ж. 23-мартта К. ССР К. кабыл алынган. 20-к-дын 70-жылдарында Советтер Союзу өнүккөн социализмдин фазасына кирди деген жасалма ураан алдында Кыргыз ССР Жогорку Совети 1978-ж. 10-апрелде ага айрым өзгөртүү, толуктоолорду киргизип, К. ССР К-нын 10 бөлүм, 19 глава, 172 статьядан турган жаңы редакциясын кабыл алган. 1989–90-ж. Советтер Союзунда башталган кайра куруу саясатына байланыштуу ага кайрадан жаңы толуктоолор киргизилип, бир кыйла өзгөрүүгө учураган. К. ССР К. Кыргыз ССРинин негизги мыйзамы катары 1993-ж. 5-майга чейин кызмат кылган.

«КЫРГЫЗСТАН» – деңиз деңг. 1450 *м* бийиктиктеги тоо климаттык, кардиол. санаторий. Ала-Арча өрөөнүндө Бишкектен 26 *км* түш-тө жайгашкан. Климаты мелүүн, июль айынын орточо темп-расы +20°С, кышы жумшак, январь айынын орточо темп-расы –4°С, күн нурунун жерге тийиши жылына орто эсеп м-н 2600 *с*. Абанын нымдулуугу 60%тей. Дарылоодо аба ваннасын, күндүн, өзгөчө ультра кызгылт-көк нурун, абадагы иондорду, аэрозолду кеңири колдонууга мүмкүнчүлүк бар. О. эле өлчөмдүү кыймыл терапиясы жүрөк-кан тамыр ооруларында жүрөк ж-а дене булчуңдарынын иштешин күчөтөт, кандын жылышын, дем алуу органдарынын иштешин чыңайт. Бул санаторийде жүрөк инфарктын реабилитациядан өткөрүүчү атайын бөлүм иштейт.

КЫРГЫЗСТАН – Талас обл-нун Бакай-Ата р-нундагы кыштак. Оро айыл округуна караштуу. Талас – Жамбыл автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 1187 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Бакай-Ата кыш-нан 22 *км* түн. тарапта. Жамбыл т. ж. бекетинен (Казакстан) 59 *км*. Кыштак 1928-ж. негизделген. Калкы 2665 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар. Тегирмен, пилорама, соода түйүндөрү иштейт.

КЫРГЫЗСТАН (1996-ж. чейин К ы з ы л - К ы р г ы з с т а н) – Жалал-Абад обл-нун Ноокен р-нундагы кыштак. Сакалды айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 545 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Масы кыш-нан 12 *км* түш.-батыш тарапта. Жалал-Абад т. ж. бекетинен 57 *км*. Калкы 2429 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Үрөнчүлүк дыйкан ж-а жеке-менчик чарбалар (а. и. кооперациялар) иштейт. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КЫРГЫЗСТАН, Ч а п к ы н д ы – Ош обл-нун Өзгөн р-нундагы кыштак. Ийри-Суу айыл округуна караштуу. Жыланды-Суу суусунун сол өйүзүндө, деңиз деңг. 1220 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Өзгөн ш-нан 18 *км* түн. тарапта. Ош т. ж. бекетинен 6 *км*. Калкы 2192 (2002); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб, ФАП бар. Турмуш-тиричилик кызматынын бөлүмдөрү, соода жайлары, базарчалар иштейт.

«КЫРГЫЗСТАН» АВИАКОМПАНИЯСЫ – жүргүнчүлөрдү, жүктөрдү авиа жолу аркылуу ташыган ири компания (ААК). 2005-ж. Президенттин указы ж-а 2006-ж. Өкмөттүн токтому м-н түзүлгөн. 2005-ж. К. а. аба транспортунун эл аралык ассоциациясынын (IATA – International Air Transport Association) аккредитациясынан өткөн, о. эле клиринг транспорт палатасынын



Авиакомпаниянын учактарынын бири учуу аянтында.

(Москва ш.) мүчөсү. К. а. – КРдин жүк ж-а жүргүнчү ташуучу расмий компаниясы. Анын самолёттору Кытай, Россия, Бириккен Араб Эмирликтери, Өзбекстан, Казакстан ж. б. өлкөлөргө учат. Эл аралык (Бишкек – Дубай – Бишкек; Бишкек –Москва –Бишкек ж. б.) ж-а өлкө ичиндеги (Бишкек – Баткен; Бишкек – Ош ж. б.) авиакаттамдары бар. Авиапаркында Ту-134, Ту-134, Ан-24 ж. б. самолёттор катталган. К. а. учуунун бардык коопсуздук талаптарын аткарган компания катары эсептелет. К. а. авиабилеттери 2007-жылдан интернет аркылуу, о. эле 2011-жылдан электрондук авиабилеттерди сатуу ишке ашырылууда. *Э. Усонов*

КЫРГЫЗСТАН АДАМ РЕПРОДУКЦИЯСЫ ИЛИМИЙ БОРБОРУ (КАРИБ) – балдар м-н аялдарга мед. тейлөөнү жакшыртуу, калктын тукум улантууга байланышкан саламаттыгын изилдөө ж-а калыбына келтирүү б-ча ил. иштерди жүргүзүүчү мекеме. 1997-ж. уюшулган КРдин Саламаттык сактоо министрлигине караштуу. КАРИБ аял м-н эркектин тукум улантуу системасынын түрдүү ооруларын өз убагында дарылоо ж-а алдын алуу б-ча натыйжалуу ыкмаларды иштеп чыгуу максатын көздөйт. Борбордо амбулаториялык ж-а адистешкен стационардык кызмат иштейт. Амбулаториялык кызматтын пренаталдык (төрөт алдында) диагноздоо ж-а мед.-ген. кеңеш берүү, микробиол., биохим., жалпы клиникалык изилдөө, цитоген. изилдөө ж. б. лабор-лары бар. О. эле үйбүлөнү пландоо, физиотерапия, андрология, тукумсуздук, акушер-гинекология, гинеколог-эндокринолог, балдар гинекологиясы, жатын моюнчасынын патологиясы б-ча адистешкен кабинеттери иштейт. Стационар бөлүмүндө гинекол. эндокринология, реанимация ж-а анестезиология, гинекол. хирургия ж-а эндоскопия, аялдардын репродукциялык функциясын дарылоо бөлүмчөлөрү бар. Бул борбор балдар гинекологиясы, мед. генетика ж-а тукум улантуучулугун, о. эле аялдын ж-а эркектин тукум улантуу системасынын патологиясын, клиникалык өтүшүн ж-а өзгөчөлүгүн изилдейт. Борбордо медицина илимдеринин 3 доктору, 7 кандидаты эмгектенет (2010).

КЫРГЫЗСТАН АРХИТЕКТОРЛОР СОЮЗУ – архитекторлордун ыктыярдуу коомдук чыгармачыл уюму. 1938-ж. Фрунзеде кыргыз архитекторлорунун уюмдаштыруу конф-ясында, СССР арх-лор союзунун курамында түзүлгөн. 1949-ж. өз алдынча Кыргыз ССР архитекторлор союзу болуп уюшулган. Союз арх-лорду бир уюмга баш коштуруп, алардын чеберчилиги м-н талантын өстүрүү, чыг-лык изденүүлөрүнө шарт түзүү ж-а жаш талапкерлерге камкордук кылуу милдетин аткарат. Ал идеялык-тарбиялык ж-а маданий-агартуу иштерин да жүргүзөт: чыгармачыл кеңешмелер, долбоорлор ж-а курулуштар б-ча талкуулар, архитекторлордун квалификациясын жогорулатуу курстарын өткөрот, элге арх-ра ж-а курулуш маселелерин жайылтып, алдынкы тажрыйбаны пропагандалайт. К. а. с-нун жетекчи органы – съезд. Съездде Союздун башкармасы шайланат. Жумушчу уюму – президиум ж-а секретариат. Союздун төрагалары: Г. А. Градов (1938– 41), В. Е. Верюжский (1941–43), Я. А. Штейнберг (1943–45), Проваров (1945–49), Е. Г. Писарской (1949–59), А. Исаев (1959–61, 1986–90), П. А. Афонин (1961 – 64), В. Г. Тычинский (1964–68), Е. Г. Писарской (1968–86), К. Алыкулов (1990–94, 1998–2001), Д. Өмүралиев (1994–98), А. Алеонтов (2001–05), Э. Бекташев (2005-жылдан).

«КЫРГЫЗСТАН» АЯЛДАРЫ – мурдагы Кырг-н КП БКнын коомдук-саясий ж-а алабий-көрком журналы. 1951-ж. уюштурулган. Адегенде эки айда бир жолу, ал эми 1956-жылдан баштап ай сайын чыгып келген. Милдети аялдардын коомдогу ордун жогорулатуу, аларды идеялык жактан тарбиялоо, өндүрүшкө тартуу, өлкөнүн саясий, социалдык-экон., маданий турмушуна катышууга үндөө болгон. Тиражы 1977-ж. 72 миң, 1985-ж. 73 миң нускага чейин жеткен. 1993-жылдан «Ала-Тоо айымдары» деген ат м-н өз алдынча чыгып, ал эми 2004-жылдан чыкпай калган.

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ – Кырг-ндын мамл., коомдук-саясий, социалдык-экон., өндүрүштүк-тех. ж-а көркөм ад-т басмасы. 1926-ж. Кыргыз автоном обл-нын аткомунун чечими б-ча «Кыргызмамбас» (Кыргызстан мамл. басмасы) деген ат м-н уюшулган, ошол жылы басма 95 миң нускада 36 китеп ж-а китепче чыгарган. Басмадан В. И. Лениндин төрт эмгеги кыргыз тилине которулун чыгарылган. «К.» б. адегенде Элге билим берүү министрлигинин обл. бөлүмүнө, кийин Кыргыз Эл агартуу комиссариатына, андан соң Кыргыз ССР ЭКСке баш ийген. 1945-жылдан Кыргыз ССР Министрлер Советинин Полиграфия ж-а басма б-ча башкармалыгына, 1964-жылдан Кыргыз ССР Министрлер Советинин Басма б-ча мамл. к-тине, 1968-жылдан Кыргыз ССР Мад-т министрлигинин Полиграфия ж-а басма башкармалыгына, 1972-жылдан Кыргыз ССР Министрлер Советинин Мамбасмакомуна караган. 1964-ж. «Кыргызстан»

басмасы аталган. 1926–75-ж. 157,7 млн нускада 24 242 китеп ж-а китепче чыгарылган. Мындай көрсөткүч 1991-ж. чейин улам өсүп турган. Басманын 8 редакциясы: коомдук-саясий ад-т, экон. ад-ттар, ил.-популярдуу ж-а өндүрүштүк тех. ад-ттар, көркөм котормо, иск-во ад-ттары ж-а заказ алуу редакциясы болгон. «К.» б. Эл достугу ордени м-н сыйланган. Кийин «Акыл» акционердик коомуна айланып, 2006-ж. чейин иштеген.

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ 1916-ЖЫЛКЫ КӨТӨРҮЛҮШ – падышалык бийликке каршы Кырг-ндагы улуттук-боштондук кыймыл, к. *Уркун*.

КЫРГЫЗСТАНДА ТАП КҮРӨШҮНҮН ЖҮРҮШҮ – *тап күрөшүнүн* дүйнөлүк маанисине басым жасалган марксисттик-лениндик теориянын Кырг-нда аткарылышы. Ал жеке менчикти коомдук менчикке алмаштыруу, «империализм капитализмдин акыркы стадиясы», жумушчу табынын дүйнөлүк рев-ядагы жетекчилик орду, адамзаттын эң бийик тилеги болуп эсептелген келечектеги «жаркын жашоо – коммунизмди куруу» урааны алдында жүргөн. К. т. к. ж. же бай-манаптарды тап катары куугунтуктоо негизинен Совет бийлиги (к. *Советтик Социалисттик Республикалар Союзу*) орногондон тартып башталган. Анткени, бийлик иш жүзүндө бай-манаптардын колунда калып, жер-жерлердеги сов. парт. уюмдар алсыз болушкан. Ошондуктан жаңы бийликтин алдында биринчи орунга бийликтен ажырап калбоо маселеси чыгып, *Кыргыз АССР Советтеринин 1-уюштуруу съездинде* (1927) кабыл алынган «Бай-манаптарды республикадан айдоо жөнүндө» токтомунун негизинде кыргыздын билимдүү, алдынкы адамдары алыс жерлерге жер которууга тийиш болгон (мис., К. Чокоев, А. Акылбеков, Шабданов Самүдүн, Мөкүш, Кемел ж. б.). Тап катары жоюлгандар жалган жалаалардын негизинде айдалып, көбү мекенине кайтпай калган. 1920–30-жылдарда К. т. к. ж. өзгөчө күч алган. В. И. *Лениндин* осуяттарын жетекчиликке алган ВКП(б) БКнын «Туташ коллективдештирүүгө жаткан райондордо кулак чарбасын жоюу боюнча чаралар жөнүндө» деген токтому (1930, январь) ж-а «Правда» гезитине жарыяланган И. *Сталиндин* «Ийгиликтен баш айлануу» деген макаласына (1930, март) байланыштуу колхоздоштурууда кетирилген кемчиликтер үчүн жерг. парт. ж-а сов. уюмдар катуу сынга алынып, жумушчу табы м-н дыйкандар союзун бузуп, соц. түзүлүштүн ишке ашышына коркунуч тийгизе турган илдет катары бааланган. Натыйжада, айыл-кыштакта өз эмгеги м-н жашаган оокаттуу дыйкандар, о. эле а. ч-нда жалданма эмгекти пайдаланган майда буржуазиялык элементтер да кулак болуп таанылып (к. *Кулактар*), аларды тап катары жоюу күч алган (к. *Кулакка тартуу, Кыргызстан Коммунисттик партиясы*). Чынында эмгекчи дыйкан гана акырындап оокаттуу дыйканга (кулак) айланып, тескерисинче чарбасын жакшы уюштура албаган, дарамети чак кулак кайрадан орто дыйкандын катарын толуктап калганы эске алынган эмес. Оокаттуу дыйкандар аргасыз большевиктик диктатурага каршы чыга турган күчкө айланып, ушундай абалда жер-жерлерде большевиктерге каршы козголоңдор болуп өткөн (мис., Ак-Суу, Талас, Түп ж. б.). Оокаттуу дыйкандарды кулакка тартып, мал-мүлкүн тартып алуунун натыйжасында көпчүлүгү малын союпсатып, туугандарына таратып, чарбасын жоюп, кедей-дыйкан болуп калууга тырышкан. Өтө байлары жер которуп, башка район эле эмес, чет өлкөгө (Афганстан, Кытай ж. б.) кетишкен. Атаандашууга, жеке кызыкчылыкка жасалма бөгөт коюлгандан кийин помещик, ири капиталист ж-а соодагерлер тап катары жоюлуп, жеринен ажырап, унаа-шаймансыз калган кедей-дыйкандар жумушчуга айланып, шаарларга көчүшкөн. Мындай абал элдин жакырдануусуна ж-а жер-жерлерде ачарчылыктын жүрүшүнө таасир берген.

Ад.: *Курманов З. К.* Политическая борьба в Кыргызстане: 20-е годы. Б., 1997. *Э. Турганбаев.*

КЫРГЫЗСТАНДЫК 385-АТКЫЧТАР ДИВИЗИЯСЫ – *Улуу Ата Мекендик согуштун* алгачкы учурунда Фрунзе ш-нда куралган аскердик күч. Дивизиянын карамагына 1266-, 1268-, 1270-аткычтар полку, 948-артиллериялык полк, 672-зениттик айрым артиллериялык дивизион, мотоаткычтардын 447-чалгындоо ротасы, 836-байланыш, 665-сапёрлордун айрым батальону, 463-аткычтардын айрым взводу, 500-айрым авторота ж-а 470-медсанбат кирген. Туңгуч командири – полковник И. М. Савин, аскер комиссары Д. Т. Нестерук, штаб начальниги В. Н. Кораблёв болгон. Дивизия түзүлгөндөн кийин Москва ш-н коргоого катышкан ж-а күжүрмөндүүлүк м-н душманды СССР, Польшадан кууп чыгып, Эльба д-на чейин жеткен. Согушта көрсөткөн каармандыгы үчүн дивизия Кызыл Жылдыз, Суворов ордендери м-н сыйланып, Киричев ш-н бошотууда «Киричев» дивизиясы деген ардактуу наамга ээ болгон. Жогорку Башкы командачынын буйругу м-н 1945-ж. июнда таратылган.

Ад.: *Деев В., Петренко Р.* Простреленные километры (докум. повесть). Ф., 1973.

КЫРГЫЗСТАНДЫН ПАДЫШАЧЫЛЫК МЕЗГИЛДЕГИ АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК БӨЛҮНҮШҮ – Россия империясынын курамындагы Кырг-ндын адм.-аймактык түзүлүшү; падыша өкмөтүнүн башкаруу системасы. Россия империясы Кырг-нды толук каратып алып, өзүнүн башкаруу системасын киргизген. Алгачкылардан болуп орус бийлигин тааныган *бугу* уруусу 1862-ж. Батыш Сибирь генерал-губернаторлугуна караштуу Семей обл-нун Ала-Тоо (Алатау,



Кокон ш-н алгандыгы үчүн берилген медаль.



О. Азияны каратуу жүрүшүнө катышкандыгы үчүн берилген медаль.



Кыргызстандын Россияга каратылышына карата чыгарылган медаль.

Алатав) округуна кабыл алынган. 1865-ж. февралда Түркстан обл. түзүлүп, ага Ысык-Көл, Чүй, Талас, Кетмен-Төбө өрөөндөрү, кийинчерээк Борб. Теңир-Тоо караган. Түркстан обл-нун алгачкы аскер губернаторлугуна генерал М. Г. Черняев дайындалган. 1867-ж. 11-июлда падыша өкмөтүнүн «Жети-Суу (Семиречье) ж-а Сыр-Дарыя облустарын башкаруу жөнүндөгү убактылуу жобосу» м-н *Түркстан генерал-губернаторлугуна* айланып, анын чегинде Сыр-Дарыя (борбору Ташкент) ж-а Жети-Суу (борбору Верный) обл. пайда болгон. Түн. Кырг-н Жети-Суу обл-на каран, Ысык-Көл ж-а Токмок уезддери уюшулган. Кокон хандыгы жоюлган соң (1876), анын аймагында Фергана (борбору Жаңы Маргалаң), Самарканд (борбору Самарканд) облтары түзүлгөн. 1886-ж. 2-июнда «Түркстан аймагын башкаруу жөнүндө жобо» күчүнө кирет да, Түркстан генерал-губернаторлугу Түркстан крайы аталып, анын карамагына Самарканд, Сыр-Дарыя, Фергана обл. кирген. Самарканд обл-на Хожент; Сыр-Дарыя обл-на Олуя-Ата; Фергана обл-на Кокон, Маргалаң, Анжиян, Наманган, Ош уезддери караган. Жети-Суу обл. 1891-ж. 25-марттагы «Талаа (Степной) облустарын башкаруу жөнүндө жобого» ылайык Талаа (Степной) генерал-губернаторлугуна, 1899-жылдан кайрадан Түркстан крайына кирген. Ысык-Көл ж-а Токмок уезддеринин ордуна Пржевальск, Пишпек уезддери уюшулуп, борбору Омск ш. болгон. Облустар уезддерге, уезддер болуштуктарга (волость) бөлүнүп, аларга айылдар караган. Кырг-ндын калкы 73 болуштукка бөлүнүп, аларды 3 жылдык мөөнөткө шайланган болуштар (айыл аксакалы) м-н старчындар башкарган. Кырг-нда башкаруу жарым-жартылай аскердик мүнөздө болгон. Облустарды аскер губернаторлору башкарып, анын карамагына буйрук берүү, чарбалык ж-а сот бөлүмдөрүнөн турган обл. башкарма иштеген. Уезддердин башында уезддик начальниктер турган. Алардын көзөмөлү м-н жерг. манаптар, байлар болуштукка же старчындыкка шайланган. Болуштар падышалык чиновниктердин буйруктарынын аткарылышына, алык-салыктардын өз убагында жыйналышына көзөмөлдүк кылган. Старчындар болуштарга баш ийип, алардын көрсөтмөлөрүн аткарган. Жерг. бийликти жүргүзүүгө айыл аксакалдары, бийлер, казылар катышкан.

Ө. Осмонов.

КЫРГЫЗСТАНДЫН РОССИЯГА КАРАТЫЛЫШЫ – Россия империясынын 19-к-дагы колониялык саясатынын бир бөлүгү. 19-к-дын орто ченинде Россия м-н Англиянын орто-сунда О. Азия үчүн атаандаштык күчөгөн. Англиянын Ост-Индия компаниялары Түш., Түш.-Чыгыш Азияга алып келген товарларынын карнын арзандатуу үчүн Кавказдан Мешхед, Жерк ш. аркылуу О. Азияга өтүүнү көздөгөн. Натыйжада 18-к-дын аягы – 19-к-дын башында О. Азия Европадан Кытай-Индияга өтө турган маанилүү стратегиялык жолдордун биринө айланган. Орус өкмөтү бул маанилүү соода жолуна көзөмөлдөө үчүн Сибирь ж-а Сыр-Дарыя аскер линиясын курууга киришкен. Омск–Кулжа [Омск – Семипалатинск – Көкбекти – Чугучак (Чөйчөк) – Кулжа] жолу 2711ден 2370 ж-а узартылган. Түш. Казакстан м-н Түн. Кыргызстан, кийин Кокон, Бухара, Хива ханыштарын өз курамына киргизүү Россиянын балаңа гессаясаты болгон. Ушундан улам орус өкмөтү 1813-жылдан кыргыздар тууралуу кеңирк маалымат чогултууга өткөн (к. *Бубенов А. И., Зибернштейн Ф. К.*). 19-к-дын 40-жылдары Жоңол, 1854-ж. Верный чеби (азыркы Алматы ш.) курулган. Ушул жылдары Кокон хандыгынын эзүүсүнөн тажаган бугу уруусунун бийи Борсабай бир нече жолу Россия империясынын курамына кирүү ниетинде кат жолдогон: 1865-ж. 7-январда бугу уруусунун атынан Кемыбек Шераалы уулунун ант берүүсүнөн кийин К. Р. к. башталган. Орус бийлиги Кырг-нды каратууну ар кыл айла-амал м-н ишке ашырган. Мис., орус аскерлери улам казактарды кыргыздарга каршылаштырып, кыргыз манаптарынын (к. *Ормон хан, Жантай, Жаңгарач*) ыптымагын ыдыратуу үчүн улуу жүз казактарына атайы жашыруун көрсөтмө да берген. Натыйжада Жантай башкарган тынай уруусу орус бийлигин кабыл алууга макулдук

берсе, Үмөтаалы Ормон уулу буга каршы болгон. Бишкек чебинин беги Рахматуллага каршылашкан Байтик Канай уулу орус бийлигине жакындашса, Жангарач орус бийлигине каршы чыккан. Ошентсе да 1862-ж. Токмок, Пишпекти, 1863-ж. Куртка чебин караткан; Нарындагы чериктер орус бийлигин тааныган. 1864-ж. 5-июнда полковник М. Г. Черняевдин отряды (2500 аскер) Олуя-Атаны алып, отряддын бир бөлүгү Талас аркылуу өтүп, Чаткалды ээлеген. Жумгал, Суусамыр, Кетмен-Төбө, Нарынды жердеген саяк уруулары орус бийлигине 1865-ж. ант берген. Ушундан улам 1867-ж. Үмөтаалы да орус бийлигин тааныгандан кийин, Түн. Кырг-н толук Россия империясынын карамагына өтүп, Жети-Суу обл-на баш ийген Токмок уезди түзүлгөн (к. *Кыргызстандын падышачылык мезгилдеги администрациялык бөлүнүшү*). Кокон хандыгынын чептеринин (Олуя-Ата, Түркстан, Чымкент, Ташкент) алынышы м-н Сибирь ж-а Сыр-Дарыя аскер линиясы биригип, Түш. Кыргынды каратууга ынгайлуу шарт түзүлгөн. 1867-ж. Түркстан генерал-губернаторлугу уюшулуп, Кудаяр хан Россия м-н тынчтык келишим түзүүгө аргасыз болуп, иш жүзүндө Кокон хандыгы да Россияга көз каранды болгон. Ушул кырдаалда Кокон бийлигине каршы кыргыздардын көтөрүлүшү башталып (к. *Искактын көтөрүлүшү, Кокон көтөрүлүштөрү*), Кокон ш. көтөрүлүшчүлөрдүн колуна өткөн. Кудаяр хандын ордунда такка отурган Насирдин хан орус бийлигинен жардам сурап кайрылган, натыйжада орус өкмөтү 1875–76-ж. аскер киргизген. Туруктуу орус аскери тез эле Анжиян (1876, 10-январь), Кокон (1876, 18-февраль), Асаке, Үч-Коргон ш-н ээлеген, Россиянын курамына кирүүдөн баш тарткан кыргыздар Алайга чегинген. Наманган уездинин начальниги 1876-ж. жай айларында алайлык кыргыздарды багындыруу үчүн уюштурган куралдуу экспедициянын («Алай экспедициясы») натыйжасында алайлык кыргыз уруулары аргасыздан Россиянын карамагына өткөн (к. *Курманжан датка*). Алайлык кыргыздардын багынышы м-н Түш. Кырг-ндын Россиянын курамына кирүүсү аяктаган.

КЫРГЫЗСТАНДЫН САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРЫ, к. *Кыргызстан* атайын том.

КЫРГЫЗСТАН ЖУРНАЛИСТТЕР СОЮЗУ – ыктыярдуу коомдук чыгармачыл уюм. 1959-ж. негизделген. Басма сөз, телекорсотүү, радиоукторуу, журналист кадрларды даярдоо ж-а тарбиялоодогу алдынкы тажрыйбаларды жыйынтыктоо, о. эле жайылтуу максатын көздөйт. 13 чыгармачыл секция ж-а комиссия иштейт. К. ж. с-нун Ош, Ысык-Көл, Нарын обл-нда, респ-нын борборунда бөлүмдөрү иштеп, кийин алар Жалал-Абад, Баткен обл-нда түзүлгөн союз башкармалыгынын алдындагы чыгармачыл фотостудия уюштурулган (1967). ММКларда эмгектенип жатышкан журналисттердин чыг-лык жигердүүлүгүн, коомдо ойногон ролун күчөтүү максатында К. ж. с. респ. газета-журналдардын редакциялары ж-а Телекорсотүү, радиоукторуу мамл. к-ти м-н бирдикте ар кандай багыттагы конкурстарды өткөрүп келген. Учурда К. ж. с-нан башка Кыргызстан журналисттеринин профсоюзу, «Медиа окулчулук институту» сыяктуу өз алдынча аталган уюмдар түзүлгөн. Төрагалары: Т. Суванбердиев (1958–66), А. Токомбаев (1966–71), А. Абакиров (1971–76), Ж. Турсунов (1976–86), Т. Ишемкулов (1986–93), А. Султанбаев (1993-жылдан).

КЫРГЫЗСТАН КАЛКЫНЫН АССАМБЛЕЯСЫ – КРдеги массалык коомдук уюм. 1994-ж. 21–22-январда *Кыргызстан калкынын 1-курултайында* уюшулган. Өзүнө бир нече улуттук-маданий борборду: «Иттипак» (уйгур), «Азери» (азербайжан), «Вайнах» (ингуш), «Ата-Журт» (карачай), «Филия» (грек), «Наздар» (чех), «Гармония» (орус), «Мзиури» (грузин), «Минги Тау» (кабарда-балкар), «Берегиня» (украин), «Отан» (казак), «Мидия» (күрд), «Менора» (еврей), «Барт» (чечен), «Романо-Дром» (цыган), «Свитанок» (беларус) ж. б. бириктирет. Ассамблеянын максаттары: коомду бириктирүүгө эракеттенүү, респ-нын бардык жашоочуларын баш коштуруу, улуттар аралык достукту бекемдөө, калктын рухий ж-а маданий кайра жаралуусуна жардам көрсөтүү, тилди, салтты ж-а үрп-адатты өнүктүрүү. 1994-ж. 26-сентябрда Бишкек достук үйү ачылып, Ассамблеянын обл. ж-а региондук бөлүмдөрү уюшулган. Ассамблея саясий ишмердүүлүгүндө Президент ж-а Өкмөт м-н биргелешип иш жүргүзөт. Респ-да улут аралык мамилелерди жөнгө салууда Ассамблеянын салымы зор.

КЫРГЫЗСТАН КАЛКЫНЫН БИРИНЧИ КУРУЛТАЙЫ – 1994-ж. 21–22-январда Бишкек ш-нда өткөн расмий жыйын. Ага Кырг-нда түзүлгөн 24 улуттук борбордун өкүлдөрү ж-а чет өлкөлүк меймандар катышып, Кырг-ндын келечектеги кызыкчылыгы ж-а анын максаты ж-дө маселелер талкууланган. Анда жерг. улуттун 40тан ашык өкүлдөрү, о. эле Казакстан (А. Нурпейисов), АКШ (сенатор Х. Хемпри) ж. б. бир нече мамлекеттен келген меймандар сөз сүйлөп, респ-нын көп улуттуу элин биримдик, ынтымакка үндөшкөн. Мамл. тилдин өнүгүшү, анын келечек тагдыры ж-дө да маселелер каралып, азырынча кыргыз тилин окуп-үйрөнүү үчүн базанын али түзүлө электиги белгиленген. Курултайдын атынан «Кыргызстан жалпыбыздын үйүбүз» деген ураан алдында Кырг-нда жашаган бардык элдерге кайрылуу жолдонуп, улуттук биримдик, улуттар аралык тынчтык, ынтымактуулукка чакырган декларация кабыл алынган. Курултайда *Кыргызстан калкынын ассамблеясы түзүлгөн.* *Э. Тургамбаев.*

КЫРГЫЗСТАН КИНЕМАТОГРАФИСТТЕР СОЮЗУ – ыктыярдуу коомдук чыгармачыл уюм. Адеп СССР кинематографисттер союзунун карамагына кирген. Ал кино иск-восун өнүктүрүүгө активдүү катышкан кино ишмерлерин (режиссёр, киносценарист, драматург) ж-а сынчы, актёр, оператор, сүрөтчү, үн оператору, сценарий редактору, кино өндүрүшүн уюштуруучу, кинотех. б-ча атайын эмгектери бар кино инженерлерди ж. б. бириктирип турат. К. к. с. 1962-ж. октябрь айында түзүлгөн. Анын негизги милдети – жогорку көркөмдүктөгү кино чыгармаларынын жаралышына көмөк көрсөтүү. Союзда көркөм кино, кинодраматургия, киносын, киноактёрлор, чыгармачыл жаштар м-н иш алып баруу, кино ышкыбоздору, даректүү кино, телекорсотүү, дубляж секциялары, Кино үйү иштейт. Союз чыг-лык конф-ялар, жаңы фильмдерге талкуу уюштурат. Союздун жогорку органы – 4–5 жылда бир чакырылуучу съезд. Съезд Союздун Башкармасын шайлайт. Башкарма эки съезд аралыгында иш алып баруу үчүн секретариатты дайындайт. Союздун Башкармасынын төрагалары: Ч. Айтматов, Т. Океев, 2007-жылдан Т. Бапанов.

«КЫРГЫЗСТАН КОММЕРЦИЯЛЫК БАНКЫ» – Кырг-ндагы ири коммерциялык банк, ААК. 1990-ж. «Кыргызстан» АКБ, 2006-жылдан «К. к. б.» болуп түзүлгөн. Ал банк операцияларынын бардык түрлөрүн ишке ашырат, о. эле Кырг-ндагы коммерциялык банктар арасында баалуу металлдар м-н иш алып барган жалгыз банк. Кырг-нда 86 бөлүмү, банкоматтары ж-а терминалдары, акча которуусун (олко ж-а эл аралык) 10 системасы, 31 филиалы бар. Улуттук «Элкарт» төлөм системасынын катышуучуларынын лидери, о. эле эл аралык Visa International төлөм системасынын ассоциацияланган мүчөсү. 2003-, 2004- ж-а 2005-жылдары мыкты банк катары тааныган. Учурда 10 миңдей ишканаы ж-а 100 миңден ашуун кардарларды тейлейт. *Э. Усенов.*

КЫРГЫЗСТАН КОММУНИСТТИК ПАРТИЯСЫ (ККП) – *Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын (КПСС)* курамдык бөлүгү, Кырг-нда КПССтин жетекчилиги м-н анын көрсөтмөлөрүн кыйшаюусуз аткаруучу жалгыз саясий партия болгон. *Улуу Октябрь социалисттик революциясына* чейин Ош, Кызыл-Кыя, Сүлүктү ш-нда большевиктик парт. топтор, Кырг-ндын түндүгүндө парт. уюмдар уюшулган. Кыска мөөнөттүн ичинде түзүлгөн бул парт. топтор ж-а уюмдар рев-ялык кыймылдын күчөшүнө ж-а Совет бийлигин орнотууда ж-а чыңдоодо зор оболго болгон.

Кыргыз автономия облусунун пайда болушуна байланыштуу 1925-ж. партиянын обл. к-ти түзүлгөн. Ал калктын жашоо-тиричилигин жакшыртуу ж-а маданий деңгээлин көтөрүү, сабатсыздыгын жоюу ж. б. маселелерди чечкен. Кадрларды даярдоо, жер-суу реформасын жүргүзүү, респ-ны электрлештирүү, ө. ж-н түзүү ж-а социалдык-экон. курууларды жүзөгө ашырууда зор салым кошкон. Кыска мөөнөттүн ичинде ондогон о. ж. ишканалары курулуп, а. ч. азыктуулугу өнүккөн, маданий рев-я ишке ашкан. 1937-ж. обл. парт. к-т ККП болуп өзгөрүлүп, респ-ның экономикасын ж-а мад-тын өнүктүрүү маселелерин чечкен. Кыргыз элинин маданий мурастарына жетүүгө элге кенен жол ачылып, мед. тейлоо ж-а билим алуу өнүккөн. О. эле партия тарыхында 1930-жылдардын 2-жарымында Кырг-н ККПнин лидерлери, мамл. курулуштун демилгелүү катышуучулары (Д. *Саадаев*, Б. *Исакеев*, А. *Орозбеков*, Ю. *Абдрахманов* ж. б.) негизсиз репрессияга кабылып, кийин акталган. *Улуу Ата Мекендик согуштун* кайрадуу жылдарында ККПнин жетекчилиги астында о. ж. мекемелери, респ-ның бардык эл чарбачылыгы согуштук жагдайга ынгайлантырылган. СССРдин Батыш аймактарынан Кырг-нга көчүрүлүп келинген з-ддордо согуштук милдеттерди ондүрүүгө жетишти. Улуу Ата Мекендик согуш майданында 13 минге жакын коммунисттер фашисттик баскынчылар м-н салгылашкан, бул респ-дагы партия мүчөлөрүнүн дээрлик жарымын түзгөн.

КПССтин XX съезди (1956-ж. февраль) партиянын турмушундагы өзгөчө окуя болгон, ал келечектеги коомду демократиялаштыруу курсун кабыл алып, парт. жетекчиликтеги коллегиялдуулукту калыбына келтирип, репрессияга кабылган жазыксыз адамдардан актап, мыйзамдуулукту сактоо чараларын белгилеген. ККП сонку жылдарда өлкөнүн эко. ж-а социалдык жактан өнүгүшүн камсыз кылды. Партиянын негизги күчү материалдык өндүрүш тармагына жумшалган, бул учурда партиянын мүчөлөрү 140 миңге жеткен. Тарыхтын ар кыл мезгилинде ККП БКны элге белгилүү болгон И. *Раззаков*, Т. *Усубалиев*, А. *Абдрахманов* өндүү башчылар жетектеп келишти.

1985–91-ж. КПССтин айрым жетекчилеринин партияга каршы эракеттери ж. б. өлкөнүн саясий күчтөрүнүн түздөн-түз катышуусу аркылуу КПССти бийликтен четтетип, 1991-ж. августуст окуясы партиянын өзүн жоюп салууга түрткү болду. ЮРдин Жогорку Советинин чечими м-н ККП-нин ишмердигине тыюу салынды.

1992-ж. 29-июнда Кырг-н коммунисттеринин партиясы уюшулуп, 1992-ж. 17-сентябрда мамл. каттоодон өткөн. Өзүн мурунку ККПнин мураскери деп эсептейт. ККПнин негизги максаты – социалдык-экон. өнүгүү багытында социализмдин жаңырган формасына өтүү ж-а жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыктарын тааныйт. Саясат ж-а идеология багытында

Кырг-нда укуктук мамлекетти курууну, көз карандысыздыкты ж-а эгемендүүлүктү камсыз кылууну көздөйт. Респ-нын бардык облустарында ж-а шаарларында ККПнин баштапкы уюмдары бар. КР ЖКга депутаттарды шайлоодо ККПдан талапкерлер көрсөтүлүп, депутат болуп шайланышат. Учурда коммунисттердин саны 10 миңден ашык. ККП БКнын жетекчиси – И. Масалиев. ККП м-н катар 1999-ж. каттоодон өткөн Коммунисттик партия да (жетекчиси К. Ажибекова) иштейт. Россия ж-а КМШга кирген башка өлкөлөрдүн КПлары м-н ККПнын тыгыз байланышы бар.

Ад.: История ВКП(б) / Под. ред. Ем. Ярославского. М.; Л., 1926–30. Т. 1–4; История Всесоюзной Коммунистической партии (большевиков). Краткий курс. [М.],1938; История КПСС. М., 1965–80. Т. 1–5.

И. Масалиев.

КЫРГЫЗСТАН КОМПОЗИТОРЛОР СОЮЗУ – композиторлор м-н музыка таануучуларды бириктирген ыктыярдуу коомдук чыгармачыл уюм. 1939-ж. уюшулган. Негизги милдети – элибиздин муз. мад-тынын ар тараптан өсүшүнө көмөк көрсөтүү м-н анын терең идеалдуулугуна ж-а көркөмдүгүнө көз салуу, муз. кадрларды чыг-лык жактан тарбиялап, алардын профессионалдык чеберчилигинин өсүшүнө жардам көрсөтүү. К. к. с-нун иш-аракеттери композиторлордун жаңы чыгармаларына талкуу уюштуруп, аны угуучуларга жайылтууга, эмгекчилер м-н чыг-лык жолугушууларды өткөрүп, элди эстетикалык жактан тарбиялоого багытталган. Союздун жогорку жетекчи органы – съезд. Аткаруучу органы – башкарма, ал жылына 1–2 жолу пленум өткөрүп, өзүнүн курамына пленум аралыгында чыг-лык ж-а практикалык ишти жетектөөчү секретариатты шайлайт. К. к. с-нун өткөн съезддери: 1-съезди – 1948-ж. октябрда, 10-съезди – 2004-ж. июнда өткөн. К. к. с-нун Башкармасынын төрагалары – А. Малдыбаев, М. Абдраев, К. Молдобасанов, С. Осмонов, С. Субаналиев, К. Асанбаев 2009-жылдан Т. Чокиев.

КЫРГЫЗСТАН КУРОРТОЛО́ГИЯ ЖАНА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ – Кырг-нда курортология, физиотерапия ж-а практикалык иштерди жүргүзүүчү мекеме. КРдин Саламаттык сактоо министрлигине карайт. 1957-ж. Фрунзеде Кырг-н курортология ж-а физиотерапия ИИИ болуп уюшулган. 1992-жылдан азыркыдай аталат. Ин-т Бишкектен 20 *км* түштүктө Таш-Дөбө айылында, филиалы Бишкек ш-нда жайгашкан. Ал ил. клиникалык ж-а лабор. бөлүмдөрдөн турат. Ин-ттун 510 орундуу клиникалык базасында жыл сайын 11000ден ашык оорулуу дарыланат ж-а реабилитациядан өтөт. Ин-тта жүрөк-кан тамыр, тамак сиңирүү, дем алуу системалары, нерв системасы, буту, колу жабыркагандар дарыланат. Ал жерде дары-дармек ж-а табигый факторлордон тышкары физиотерапия (электр, ультра үн, жарык ж. б.), жылуулук (баткак, парафин), түрдүү массаж, дары чөптөр, аэрозолдор, суу, ийне м-н дарылоо жүргүзүлөт. Ангионеврология бөлүмүндө мээнин кан айлануусу бузулгандар, четки нерв системасы жабыркагандар дарыланат ж-а сүйлөөсү, басуусу бузулгандар үчүн калыбына келтирүүчү комплекстүү чаралар жүргүзүлөт. Ин-тта 47 ил. кызматкер, илимдин 2 доктору ж-а 13 кандидаты эмгектенет (2010).

«КЫРГЫЗСТАН МАДАНИЯТЫ» – маданий менчик басылма. Кырг-н Жазуучулар союзу м-н мурдагы Кыргыз ССР Мад-т министрлигинин органы катары 1967-ж. январда уюштурулуп, жумасына бир жолу чыгып келген. «К. м-на» ад-т таануу, адабий сын, драматургия, кино, музыка, сүрөт, арх-ра, элдик көркөм чыг-лык, тил илими ж. б. тармактар б-ча макалалар, изилдөөлөр жарыяланган. О. эле коомдук турмуш, философия, социология, экономика, илим-техниканын маанилүү маселелери да кеңири чагылдырылган. Газета калкты идеялык, эстетикалык, ыймандык жактан тарбиялоого да көңүл бөлгөн. 1977-ж. «К. м-нын» нускасы 50 миң нуска болсо, 1988-ж. 60 миңге чейин жеткен. 1991-жылдан мезгил-мезгили м-н жарык көрүп турат.

КЫРГЫЗСТАН ПРОФСОЮЗДАР ФЕДЕРАЦИЯСЫ (1990-ж. чейин Кырг-н профсоюздарынын совети) – өлкөдөгү эмгекти коргоо б-ча иш алпаруучу коомдук уюм; КРдин профсоюздарынын аткаруучу органы. Негизги милдеттери: мүчө болуп кирген уюмдардын ишмердүүлүгүн камсыздоо, координациялоо; эмгекчилер ж-а эмгекти коргоо ж. б. маселелер б-ча мыйзам долбоорлорун, нормативдик актыларды иштеп чыгып, мамл. бийлик органдарына сунуштоо; эмгек, жашоо-тиричилик, социалдык камсыздоолорго (иш күнү, эс алуу, дарылануу, пенсия ж. б.) байланыштуу кабыл алынган мыйзамдардын аткарылышын контролдоо; профсоюздук уюмдарга укуктук, методикалык ж. б. жардам көрсөтүү; чет өлкөдөгү профсоюз уюмдары м-н тыгыз байланыш түзүү; профсоюз мүчөлөрүнүн ж-а алардын үй-бүлөсүнүн ден соолугун чыңдоо б-ча мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу ж. б. Профсоюздардын советин түзүү ж-дө 1924-ж. 11-декабрда *Кара-Кыргыз АОнун* рев-ялык к-ти чечим кабыл алган. 1925-ж. 31-марттан 3-апрелге чейин Кырг-н профсоюздарынын 1-уюштуруу съезди болуп, профсоюздардын обл. совети түзүлгөн. 2-дүйнөлүк согуштун алдындагы саясий абалга байланыштуу Кырг-н профсоюздарынын совети 1937-ж. жоюлуп, 1948-ж. кайрадан калыбына келген. 1990-ж. октябрь айында Кырг-н профсоюздарынын 16-съездинин чечимине ылайык жаңы Устав кабыл алынып, К. п. ф. болуп түзүлгөн. 2007-ж. 1-январга карата К. п. ф-нын 23 борб. ж-а респ. профсоюз к-ти иштеген, 6 обл. профсоюз уюмдарынын 660 000 мүчөсү болгон. К. п. ф-нын жогорку органы – съезд (5 жылда бир чакырылат). К. п. ф-нын төрагалары: Г. Н. Петров (1925–26), М. Токобаев (1926–37), М. Дөгдүров (1948–58), С. Сыдыгалиев (1958–62), Т. Балтагулов (1962–66), Э. *Абакиров* (1966–73), Б. Салиева (1973–95), С. Саспеков (1995–2000), С. Бозгунбаев (2000–08), Т. Т. Иманалиев (2008–09), И. З. Рысалиев (2009–10), К. Осмонов (2010-жылдан).

КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ – эл аралык жогорку окуу жайы. 1993-ж. КР Президентинин ж-а КР Өкмөтүнүн жарлыгы м-н уюшулган. Ун-т европ.-амер. жаңы структуранын негизинде иштейт. Социалдык-гуманитардык ф-ттери, Укук ж-а бизнес, Эл аралык медицина жогорку мектептери, Чет тилдер, Мультимедиа, Менежмент, Бизнес, Туризм, Аралыктан билим берүүдөгү Кыргыз-Россия, Кыргыз-Индия (Индиядагы И. Ганди ун-ти м-н бирдикте) ин-ттары, Эл аралык билим берүү академиясы, Эл аралык билим берүү борбору, б ИИИ, о. эле юриспруденция, экономика, информатика, системалык анализ ж-а башкаруу, менежмент б-ча 2 жылдык магистратура ж-а 2 коллежи бар. Укук, бизнес ж-а компьютердик технология б-ча Каракол, Ош, Жалал-Абад ш-нда филиалдары ачылган. Окуу бюджеттик ж-а контракттык негизде күндүзгү ж-а сыртчан



окуу бөлүмдөрү аркылуу жүргүзүлөт. Кадрларды даярдоодогу окуу-методикалык иштери ыңгайлуу шартта бөлүштүрүлүп, адис профессор-окутуучулар, белгилүү окумуштуулар эмгектенишет. Ректору – А. *Айдаралиев* (1993-жылдан).

КЫРГЫЗ ТАЙГАНЫ – аңчылыкта пайдаланылуучу ит тукуму. Тайган Борб. Азиядагы жерг. иттердин эң байыркы тукуму, жытчыл, жойчул, көрөгөч ж-а күлүк келет. Кырг-ндын аймагында тайгандарды байыртадан эле кармап келишкен. Кыргыздардын ата-бабалары сүрөттөгөндөй К. т. кызыл көздүү, куйругунун учу чагарак, өңү куу, сур, көк ж. б. О. эле кылыч сындуу, оңой бүгүлгөн куйруктуу тайгандар (таз тайган) да бар. Дөбөтүнүн бийикт. 60–70 *см*, канчыгы 55–65 *см*. К. т. аркар, тоо эчки, элик, карышкыр, түлкү, коён ж. б. аңга агытылган. Элдик аңыз кептерде аюуга, жолборско кол салган тайгандардын болгондугу тууралуу маалыматтар айтылат. Б. Солтоноев «Кызыл кыргыз тарыхы» эмгегинде 1840–50-жылдары бугу кыргызы Балбай Эшкожо уулунун Актаман аттуу тайганы жолборс алганын жазса, окумуштуу, проф. А. Алдашев: «Кыргыз тайганынын өтө келишимдүү,



баш сөөгү бекем, тикирейген кыска кулагы, узун шыйрактары, кең көкүрөгү, ичине тартылып турган курсагы, орто узундуктагы сыртына карай ийрилип турган куйругу, кыска тыбыт жүнү м-н өзгөчөлөнүшү аталган тукумдун ойноктугунун ж-а күлүктүгүнүн белгиси»,– дейт. К. т. [illegible] адатынын жоктугу, көзүнүн кызарын турушу, тайманбастыгы, жалгыз аңчылыкка чыгышы м-н айырмаланат. 20-к-да тийиштүү [illegible] бөлүнбөгөндүк К. т-нын тукумунун [illegible] на шарт түзгөн. Кинолог Р. Д. Айтанов. Байтик айлында өз демилгеси м-н тайгандар [illegible] жаратуу борборун түзүп, таза кандуу К. т-н калыбына келтирүү ж-а көбөйтүү [illegible] жүргүзүүдө.

Р. Айталиев.

«КЫРГЫЗТАМЕКИСИ» – мамл. [illegible] корпорация (1996). Корпорациянын негизги милдети тамеки тармагынын [illegible] ишмердигин координациялоого багытталган. Респ-да анын «Кызыл-Кыргызтамекиси», «Аюп-Булак», «Ош-Дюбек» ж. б. [illegible] бар.

КЫРГЫЗ ТЕАТР ИШМЕРЛЕРИНИН СОЮЗУ – театр иск-восун өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү театр ишмерлеринин респ. чыгармачыл уюму. 1961-ж. Кыргыз ССР театр коому катары уюшулган, 1986-жылдан азыркы аталышта. Башкы милдети: театр чыгармаларынын көркөмдүк-мазмундук деңгээлин, анын ишмерлеринин көркөм чеберчилигин жогорулатууга, турмуш м-н байланышын чыңдоого ж-а элди патриотизм, интернационализм маанайында тарбиялоого көмөктөшөт. Союздун президиуму 15 мүчөдөн турат. Коомдун төрагалары М. Рыскулов (1961–75), Т. Абдумомунов (1975–86), Союздун төрагасы Ч. Базарбаев (1986–96), Т. Жолдошбеков (1996–2005), М. Шаршенбаев (2005-жылдан).

КЫРГЫЗ ТЕЛЕГРА́Ф АГЕНТТИГИ, к. *«Кабар» улуттук маалымат агенттиги.*

«КЫРГЫЗТЕЛЕКОМ» АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУ — [illegible] байланыш телефон аралыгы электр байланышы телефон аппаратуу) уюштурган Кыргызстан биринчи телекоммуникациялык компаниясы. Анын негизги милдеттүү ресурсунун бир бөлүгүн [illegible] (7 384) акционерлеринин 12,51% социалдык фонду [illegible] (2053) жеке-адрис капиталы (уюш) бар. Компаниянын негизги [illegible] аралык телефон байланышын түзүү, телеграф байланышы, радио жана теле берүү, радиофикация, автоматтык телефон байланышынын комплекстерин жайгаштырууга, коргоого, эксплуатациялоого, маалыматтык интернет (интернет протоколу) интеллектуалдык түйүн байланышынын комплекстерин комплекстөө ж. б. Ала Бишкек шаарлык телефон байланышы Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Талас, Ош, Жалал-Абад, Баткен обл. филиалдары, ресейлик радиотелефондук магистралдар өнүгүүдө, [illegible] жана радио берүүлөрүнүн [illegible] бышыктоо, берүү жана тарбиялоо берүүлөрү кирет. Учурда компания телекоммуникациялык байланыштарды жаңылоо долбоорлорун [illegible]



«Кыргызтелекомдун башкы имараты.



«Ынтымак» тамекисинин тарыхы үчүн. 2007.

[illegible] — [illegible] телефон аппаратуу) [illegible] 1998-ж. [illegible] Ошондо чыгарылган [illegible] Мекер-фирма, Н. Муратов, Кыргыз ат заводу, А. Токомбаевдин аттындагы [illegible] Кызыл-Октябрь [illegible] Ленин, Фрунзе – Кант, Кант – Токмок ж. б. [illegible] Комплексный, т. ж. [illegible] – Чүй. ж-к. Ош. Ошго барууда, ата тилдеш т. ж-дун [illegible] 428,9 км. б. а. 88,2 км. Кыргызстан [illegible] маалымат 201,2 км. Ош. Кыргызстан, [illegible] аралыгы. «К. т. ж-к. ж-ктын курамына. И [illegible] структуралык бөлүк кирет. 2001-ж. компания 5809 км., 1 пер. 5868,9 км. коргонуучу [illegible] км. Комплексный кирешеси, 2002-ж. [illegible] жалпы 8478,5 км. оптос чейин. Ошого, б. а. 768 км. оптос чейин кирешеси. Ошого, [illegible] [illegible] ж. б. [illegible] Комплекс 8,9 км. оптос [illegible] [illegible] (2012). Комплекс Жалал – Кыргызстан – Өзбекстан, Өзбекстан – Кыргыз – Кыргызстан.

Арча ж. б. т. ж-н курууну, ө. эле Дүгөөй – Алмалуу т. ж-н электрлештирүүнү, Дүгөөй – Бишкек – Балыкчы участогунан (347 км) жогорку ылдамдыкка өткөрүүнү, жыгач шпалдарын темир-бетон шпалдарына алмаштырууну плаништирүүдө.

КЫРГЫЗ ТИЛИ, ж. *Кыргыз тилинин тарыхы.*

«КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ОРФОГРАФИЯЛЫК СӨЗДҮГҮ» — алыркы кыргыз тилиндеги сөздөрдү бириктирүү кабыл алынган норма түзүп жазуу үчүн иштелип чыккан ж-а кыргыз лексикасындагы сөздөрдү камтыган сөздүк. «К. т. о. с.» коллективдүү эмгек катары 1-жолу ылыя тамгасында (5 мин сөздөн турган) 1938-ж. басылып чыккан. 1942-ж. орус графикасына өткөндүгүнө байланыштуу 7 мин сөзду камтыган 2-басылышы жарык көргөн (түзүүчү М. И. Богданова). 1956-ж. Х. Карасаев, Ю. Яниковдун тарабынан кайрадан иштелип чыккан ж-а ал сөздүктөгү сөздөрдүн саны 11 минге жеткен. 1966-ж. Х. Карасаев 60 мин сөзду камтыган орфогр. сөздүктү түзүүнү ишке ашырган ж-а 1983-ж. ал кайрадан (С. Давлетов, Р. Бекжановдун редакциясында) басылган.

Кыргыз тилинин жазуу эрежелериндеги түзүлүш-тартыш маселелерине байланыштуу азыркы жаңы редакциясы КРдин Жогорку Кенешинин 2008-жылдын 26-июнундагы 567-токтому ж-н атайы бекитилген. Мына ушул эреженин негизинде Х. Карасаевдин «Орфографиялык сөздүгү» (1983) негиз кылып алуу м-н 80 мин сөзду камтыган «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү» Н. Абдесов, Д. Андашев, А. Биялиев, С. Ибраимов, А. Ибраимов, Т. Мамбетжунушов, Ж. Мамытов, Т. Маразыков тарабынан азыркы кыргыз тилинин лексикасы мүмкүн болушунча толук эске алынуу м-н толукталып, кошумчаланып, 2009-ж. кайрадан Х. Карасаевдин автордугунда басылып чыкты. Мурда кирбей калган сөздөр, сөз формалары, адабий тилибиздин лексикасын байытууга өбөлгө түзө алат деген диалектилик сөздөр м-н диалектизмдер, жалпы элдик тилдин негизинде адабий тилдин лексикасына кабыл алынган туруктуу сөз айкаштары – фразеологизмдер (эркин сөз айкаштарынан башкасы), азыркы учурда илим-билим, техника, экономика, иск-во, мад-т тармактары б-ча кеңири тараган ж-а түрдүү кесипчиликте колдонулган терминдер камтылды. Негизги «алфавит, графика, орфография» деген түшүнүктөргө басым коюлуу м-н, негизинен дүйнөлүк орфографияда орун алган 4 принцип (фонет., морфол., салттык, дифференциация) сакталды. О. эле КРдин саясий-адм. бөлүнүшү, Кыргыз Өкмөтүнүн структурасына кирген мекемелердин аталыштары, дүйнөдөгү мамлекеттердин ж-а эзликтердин, алардын борбор шаарларынын, акча бирдиктеринин аталыштары м-н толукталды.

Д. Андашев.

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ТАРЫХЫ. «Кыргызтилиш» деген жалпы түшүнүктүн мазмунуна анын жеке өзүнчө алынган милдеттери грамматика-лексикалык өзгөчөлүктөрү кана түбөлүк, анын алтосы ж-а жашоо-тиричилик турк тилдерине бирдей мүнөздөгү өзгөчөлүктөрү түшөт. Алгачкы тилибиздин пайда болуп ж-а өнүгүүдөн жашоо келиши да бирдей болбостон, ички ж-а сырткы таасирлердин натыйжасында өзүнүн негизги грамматикалык белгилерин сактап калуу м-н бирге лексика байлыгы улам арбып, грамматикалык айрым бир көрүнүштөрү өзгөрүүгө дуушарланган. Дагы бир белгилөөчү көрүнүш – тарых, социология, философия, коом таануу ж-а тил илимдерде «уруу», «уруу», «эл», «улут» түшүнүктөрү жалпы илеол. көз-караштын өзгөрүүсү м-н ар түрдүү колдонулуп жүргендиги байкалат: мис., Байыркы Кытай жылнаамаларында (б. з. ч. 2-к.) «кыргыз эли» — «кыргыз мамлекети» дегенди билдирген. Жалпы кыргыз тилинин тарыхы ж-дө айтуудан мурда анын «жалпы элдик тил», «жалпы элдик адабий тил» ж-а «жазма адабий тил» деген терминдер м-н аталып айырмаланган-дыгы туура-луу ж-а алардын кыргыз тилтаануу илиминде бири-биринен айырмаланып, колдонула баштаган-дыгы, анын себеби тууралуу да айтылганы бар. Бул маселелер алгач 1950–60-жылдары кыргыз тил илимининн теоретиги акад. Б. М. *Юнусалиев* тарабынан козголуп, Кырг-н б-ча изилденген ж-а «кыргыз диалектологиясынын негиз салынышына байланыштуу болгон. Тилдин тарыхый өнүгүшүнүн бардык этаптарында анын жазма түрүндө сакталып калбаганындыктан, аны башка тектеш тилдер м-н салыштыруу аркылуу гана чындыкка жетишүүгө болорун изилдөөлөр тастыктайт: болгондо да тилдик байыркы – «жансыз» деп эсептелген фактылардын тектеш тилдерге мүнөздүү фактылар ж-а алардагы жандуу көрүнүштөр м-н салыштыруу аркылуу гана чындык айкындалат. Кыргыз тили Алтай тобундагы тилдердин (б. а. түрк, монгол-маньчжур ж-а фин-угор) катарына кирери белгилүү. Ал эми анын өнүгүү тарыхы акад. Б. М. Юнусалиевдин пикири б-ча 3 мезгилге: Байыркы, Орто ж-а Жаңы мезгил кезеңдөрүнөт. 1. Байыркы (Енисей-монгол) мезгили 7–12-к-ды камтып, кыргыздардын Енисейдин батышты көздөй жер которуп, Ортолук Азия аралыгындагы аймактарга (б. а. Мичурин-Ачинск кунда) акырындап жайгашкан убагындагы мезгилге алат да, тилдик белгилердин «эң алгачкы» деп эсептелүүчү ортонку муунунан [адак – бут (боор)] башталган сөздөрдө сөз аягынан [«код» – кой (баатыр)] келген конкреттүү сөздөр сымал ал кезде үлгүлүү форма болуп, рун жазуусунун түрк тилдеринде адабий форма катары колдонулуп жүргөн мезгилин мүнөздөөчү тилдик белги деп эсептелет. Ошол учурда мындай көрүнүш азыркы хакас, шор,

тыва ж-а тофалардын байыркы ата-бабаларынын тилдерине да мүнөздүү болгон. Ошентип «д»чыл тилдик көрүнүш ошол учурда кандайдыр бир саналган тилдердин ал кездеги диалектилик өзгөчөлүктөрүнөн айырмалуу – бардыгынын жалпы адабий тили катары эсептелген ж-а «д» тилдүүлүк адабий жазма жалпылыктын белгиси болгон. Ал эми ал мезгилдеги оозеки кыргыз тили үчүн «з»чылдык мүнөздүү болуп, жогорудагы сөздөр «азак» (нога) ж-а «коз» (положить) түрүндө болгон. Мындай тилдик айырмачылыктын издерин Кытайдын Хэйлунцзян провинциясын мекендеген фуюй кыргыздарында сакталып калышы жогорудагы пикирди дагы бир жолу бекемдейт. Бул көрүнүштүн издери учурда тилибизде кездешүүчү «коз: козго, козут» ж-а «кой» – поставь; «айак» (орф. «аяк») – нога сыяктуу кубулуштар да күбөлөйт. Жогоруда аталган фуюй кыргыздарынын тилинен келтирилген фактылар байыркы Енисей кыргыздарынын жеке өзүнүн ал замандагы оозеки тилинин издеринин моңгол басырыгынын мезгилинде деле сакталa берген тилдик өзгөчөлүгү экендигин күбөлөйт. Ал эми 9-к-дын орто ченинде кыргыздар Байыркы Уйгур каганды-гын өзүнө каратып алган мезгилде «з» тилдүүлүк байыркы уйгурлардын «д»чыл тилинин ордуна өздөштүрүлүп, чындыгында тилдик алмашуу болгондугун азыркы учурда Кытайда Тибет боксо тоолорун мекендеген сарыг=югурлардын тилиндеги тилдик айырмачылыктар далилдеп турат. Ошентип, байыркы кыргыз тили ж-до сөз болгондо анын абалы ж-до негизинен «з»чыл тилдердин тобуна жатуучу тилдерден (фуюй кыргыздары, сарыг-югурлар, хакастар м-н шорлордун тилдери) байкалат. О. эле байыркы кыргыз элдик тилинде созулма үндүүлөр да болгон эмес; эриндүүсү өтө күчтүү келип, жеке эле ичке үндүүлөр гана эмес, кең үндүүлөр да эриндешкен: «тогос» – девять, «козон» – заяц, «тухул» (монг. «тугал») – телёнок (салышт.: азыркы кырг. «токол» безрогий); сөз башында жалаң жумшак «б»: «бүзөг» – высокий; «бир» – один; «ж»: «жол» – дорога, «жи» – «же» – кушать. Бул мезгилге сөз ортосунда жумшак «г» мүнөздүү болгон: «агыр» – тяжёлый; «агыс» – рот; сөздүн аягында деле – ошол тыбыш: «сарыг» – жёлтый; «суг» – вода ж. б. Бул мезгилдин аяк ченинде (11–12-к.) кыргыз тилинин кыпчак тилдери м-н аралашуусу башталат. 2. Кыргыз тилинин Орто (Алтай) мезгили 13–14-к-ды камтып, бул аралыкта кыргыз уруулары-нын бир болүгү моңголдордун сүргүнүнүн натыйжасында Түш. Алтайды көздөй көчүп, жерг. Алтай уруулуларынын тилдеринин таасирине (б. а. өз-ара таасирге) дуушарланып, ал эмес кыпчак тилдеринин таасирине да учурап, кыргыз тили батыш «й»чыл тилге айланат, мис., «айак» – нога; «кой» – класть, положить. Бул мезгилде жалпысынан алтай-кыргыз тилдик жалпылыктар м-н бирге ар биринин өзүнө гана таандык тилдик өзгөчөлүктөрү да катар жашай бергендиги байкалат. Ушул Орто мезгилдин эң башында кыргыз-алтай уруу аралашмаларынан кыргыздардын чакан болүгү түштүктү көздөй жылып, Лобнор көлүнүн жээгине барып жайгашып калып, тилдик жагынан тигилерден айырмалуу, С. Е. *Маловдун* аныктамасы б-ча байыркы Енисей кыргыздарынын урпактарынан турган бул эл (лоптуктар) тилинде кыргыз тилинин ошол байыркы мезгилиндеги белгилерин сактап калган. Ал тилде негизинен орто кыргыз тилдик айырмачылыктардан башка созулма үндүүлөр жок. Лобнорчодо эриндешүү сакталып, «а, э» үндүүлөрү «у, щ» ичке үндүүлөрүнөн кийин эриндешет. Бул белги алтай тилинде тап-такыр жок; кыргызчада сейрек кездешип, лобнор тилин кыргыз тили м-н жакындаштырат. Сөз башындагы «й» болсо, уйгур тилинин жеке белгиси болуп, анын байыркы ж-а азыркы түрүнө да, о. эле сарыг-югур тилине да мүнөздүү: «йол» – дорога, «йаз» – весна, «йел» – ветер. Сөз ортосунда – «г»: «агыз» – рот, уста; «агый» – хворать, «таг» – гора. Ал эми бардык кыргыз диалектилерине мүнөздүү «с\\з» алмашуулары болсо тилибизди алтайлыктар м-н гана эмес, хакас, тыва ж-а якут (саха) тилдерине окшоштурат: «кыз\\кыс»; «соз\\сос» ж. б. тилибиздин байыркы мезгилине тиешелүү болуп, анын жогоруда белгиленген «з» мезгилинен калган раритеттерден. 3. Кыргыз тилинин Жаны (Тянь-Шань) мезгили 15–16-к-га туура келип, элибиздин Енисейден Батышка жылып отуруп, Тянь-Шанга көчүп келип, андагы жерг. уруулар м-н аралашкан мезгилин камтыйт да, алардын тилдик өзгөчөлүктөрүн өзүнө сиңирип алуунун натыйжасында (мис., «чекилдек» ж-а «чекир саяк» сыяктуу этнонимдер байыркы Енисей мезгилине мүнөздүү «чигил», муну м-н семантика түзүлүш жагынан «чийкил» ж-а «чийкил сары» сын атоочтору сыктуу тектеш сөздөр) азыркы кыргыз жалпы элдик тили өзүнүн бардык диалектилик ж-а айтымдык белгилери камтылган өзгөчөлүктөрү м-н калыптана баштайт. Болгондо да эң байыркы белгилери көбүнчө түндүк диалектилери сакталгандыгы байкалат. Ал эми азыркы кыргыз тили жалпысынан «й»чыл тил; орунбасар (б. а. кийин пайда болгон) созулмалар; эриндешүүсү өтө күчтүү; сөз башы «ж»чыл; сөздүн ортосунда ж-а аягында «г»нын дифтонгдошуусу же үндүүгө айланышы мүнөздүү. Ал эми лобнор тилинде «г» бардык позицияларда сакталып калгандыктан, кыргызчада анын жогорудагыдай өзгөрүүгө дуушарланышы кыргыз тилинин тарыхынын орто мезгилинин аяк ченине туура келет деп болжолдоого негиз берет.

Ад.: *Юнусалиев Б. М.* К вопросу о формировании общенародного языка //Труды Института языка и литературы АН Киргизской ССР. Ф., 1956; *Малов С. Е.* Енисейская письменность тюрков. Тексты и переводы. М.-Л., 1952; *Убрятова Е. И.* Вопросы диалектологии тюркских языков. Баку, 1963; *Кычанов Е. И.* Сведения в «Кань-ши о переселениях киргизов в 13 в. (публикация источников)\\ Известия АН Киргизской ССР. Серия обществ. наук-5 (история). Ф., 1963; *Петров К. И.* К истории движения киргизов на Тянь-Шань и их взаимоотношение с ойротами в 13–15 вв. н. э. Ф., 1961; *Тенишев Э. Р., Орузбаева Б. О.* Формирование киргизского языка. //История Киргизии (5-е изд.). Т. 1. *Б. О. Орузбаева.*

«КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ» – кыргыз лексикасындагы сөздөрдүн маанилерин ачып, аларды чечмелеп түшүндүргөн лексикогр. эмгек. 1969-ж. Ж. *Шүкүровдун* жетекчилиги астында бир том болуп жарык көргөн. Орточо эсеп м-н 25 миң сөз ж-а сөз айкаштары камтылган. Кийин 1984-ж. сөздүктүн 1-тому (Адан – күрөө чейин) чыгып, 2-тому ар кандай себептер м-н чыкпай калган. Редакторлору: Э. *Абдулдаев* ж-а Д. Исаев болгон. Сөздүктө негизинен кыргыз адабий тилинин ошол кездеги активдүү колдонулган лексикасы кирген. Эскирген сөздөр м-н диалектилик, кесиптик лексиканын фактылары бар. Сөздөр алфавит тартибинде б-ча жайгаштырылып, кайсы сөз түркүмүнө кирээри грамматикалык белгилер аркылуу көрсөтүлүп, ал сөздөрдүн лексикалык маанилери чечмелөнүп түшүндүрүлүп, тиешелүү мисалдар берилген. Сөздүн өтмө маанилерин, архаизмдер м-н неологизмдерди, диалектилик лексика фактыларын стилистикалык жактан ажыратууда атайын белгилер колдонулган. 2010-ж. бир том (Адан – Яга чейин), 2011-ж. академик А. *Акматалиевдин* жалпы редакциясы астында кайрадан «Кыргыз тилинин сөздүгү» деген ат м-н 2 томдук жаңыланып басылып чыккан. Сөздүктө 50 миңден ашык сөз ж-а сөз айкаштары камтылган.

КЫРГЫЗ ТООГУ – леггорн, плимутрок, кызыл гемпшир тоокторун аргындаштыруудан алынган породалык топ. Кырг-н мал чарба ж-а вет. ИИИнин тажрыйба чарбасында чыгарылган. Корозунун тирүүлөй салм. 3,5–4,0 *кг*, мекиндарыныкы 2,5–2,6 *кг*. Мекияндары жылына орто эсеп м-н 160 жумуртка туулт. Жумурткасынын салм. 57–58,5 *г*. Кырг-ндын шартында тез жетилүүчү, эттүү, жумурткачыл породаны түзүү үчүн асыл тукум иши жүргүзүлүүдө.

«КЫРГЫЗ ТУУСУ» – улуттук башкы гезит. Мурда Кырг-н КП БКнын, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму м-н Мин. Советинин органы болгон. 1924-жылдын 7-ноябрында «Эркин-Тоо» деген ат м-н араб тамгасында биринчи саны жарыкка чыккан. Гезиттин алгачкы алты саны Ташкенттен, ал эми жетинчи санынан баштап Пишпектен чыгарыла баштаган. Аны чыгарууга 4 эле киши катышкан: биринчи редакторлору: О. Алиев, жооптуу секретары: С. Карачев, кабарчысы: Х. Карасаев, корректору: М. Акматов болгон. 1927-жылдан «Кызыл Кыргызстан», 1956-жылдан «Советтик Кыргызстан», 1991-жылдан «Кыргыз Туусу» болуп өзгөргөн. Коомдук-саясий, экономикалык, маданий ж-а социалдык ж. б. маселелерди камтыйт. «К. т.» Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган (1958). Башкы редакторлору: О. Алиев (1924–26), Ш. Коконов (1925–27), К. Тыныстанов (1925), Т. Айтматов (1926), Б. Исакеев (1927), К. Рахматуллин (1927–36), А. Токомбаев (1928), С. Сарманов (1936–37), М. Токобаев (1937–38), М. Дөгдуров (1940–44), А. Сопиев (1944–55), К. Каракеев (1946–49), Т. Усубалиев (1955–56), А. Токомбаев (1956–58), Т. Суванбердиев (1958–63), Н. Жаналиев (1963–70), А. Абакиров (1970–72), Ж. Турсунов (1972–86), Т. Ишемкулов (1986–93), К. Раматов (1994–96), А. Матысаков (1993–94; 1996–2005), Ж. Саалаев (2006–08), Б. Молдокасымов (2008–10), Б. Орунбеков (2005–06; 2010-жылдан).

КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ – эл аралык жогорку окуу жайы. Кырг-н м-н Түркия мамлекеттеринин өкмөттөрү аралык келишимдин негизинде 1995-ж. Бишкек ш-нда ачылган. Ун-т көп тараптуу келишимдин негизинде курулган, өзгөчө статуска ээ жогорку билим берүүчү жай болуп эсептелет. Ун-ттин жогорку башкаруу органы – Камкорчулар кеңеши. Ун-т англо-саксон ун-т моделинде түзүлгөн жана каранды эмес уюм катары эки өлкөнүн өкмөттөрүнүн ортосунда-



гы мамилелерден жогго салып турат. Текшерүү комиссиясы эки тараптан тең дайындалат. Көп улуттуу проф.-окутуучулук курамы Кырг-ндын ж-а Түркиянын квалификациялуу адистеринен түзүлгөн. Ун-тте 25 адистикке даярдоочу 11 ф-т ж-а 2 жогорку мектеп, окутуучулар үчүн турак-жай, студенттик жатакана, басмакана, спорт комплекстери, конгресс борбору, китепкана ж. б. иштейт. Аталган ф-ттерде ж-а жогорку мектептерде дүйнөнүн 9 өлкөсүнөн келген студенттер билим алышат. Докторантура ж-а магистратура программалары ачылган. Берилген диплом

эки мамлекет үчүн тең жарактуу болуп эсептелет. Ун-ттин ректорлору К. М. Молдобаев (1995–2003), С. Кайыпов (2003–11), Себахаттин Балжы (2011-жылдын сентябрь айынан).

КЫРГЫЗ УЛУТТУК АГРАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ К. И. Скрябин атн. – агрардык багыттагы көп тармактуу ири ЖОЖ. 1931-ж. Айыл чарба техникумунун ж-а Кыргыз ил.-из. зоовет. ин-тунун базасында зоовет. ин-т түзүлгөн. Ин-ттун 2 ф-ти (зоотех. ж-а вет.) болгон. 1933-ж. 1-февралда ветврачтарды ж-а зоотехниктерди даярдоо үчүн студенттерди кабыл алуу жарыяланат, ошол жыл расмий түрдө ин-ттун түзүлгөн жылы деп эсептелет. Ин-ттун алгачкы директору С. В. Тасбулатов болгон. 1938-ж. агрон. ф-т ачылып, Кыргыз айыл чарба ин-ту (КАЧИ) болуп аталган. 1945-ж. академик К. И. *Скрябин*дин аты ыйгарылган. Ин-тунун алгачкы ректору – Ж. Худайбергенов (1953). Э. Арабаев,



Ж. Акималиев, К. Алагушев, *Б. Сыдыков* ж. б. окумуштуулар ар кайсы жылдары ун-ттин ректорлору болуп эмгектенишкен. 1996-ж. Кыргыз айыл чарба ин-ту Кыргыз агрардык академиясы, 2001-ж. Кыргыз агрардык университети деп кайрадан түзүлгөн. 2009-ж. КРдин Президентинин Указынын негизинде улуттук статусу берилген. Ун-ттин курамына 7 ф-т, 4 ИИИ, 4 коллеж кирет. 400гө жакын проф.-окутуучулар жамааты, а. и. илимдин 36 доктору, КР УИАнын 2 академиги, 2 корр. мүчөсү, КРдин илимине, билим берүүсүнө эмгек сиңирген 10 ишмер, илимдин 136 кандидаттары, доценттер, Илим жана техника б-ча мамл. сыйлыктардын лауреаттары эмгектенишет (2012). Ун-тте эл аралык байланыштар жакшы өнүккөн. Ал Россия, Түркия, Украина, Казакстан, Германия, Чехия, Венгрия ж. б. өлкөлөр м-н кызматташат. Студенттердин жалпы саны 7 000ге жакын, алар күндүзгү ж-а сырттан окуу болумдөрүндө билим алышат. Ун-тте 30 адистик б-ча аспирантура жана докторантура бар. КУАУ КМШ өлкөлөрүнүн, Германия, Швейцария, Италия, Финляндия, Кытай, Япония ж. б. өлкөлөрдүн ун-ттери ж-а ил.-из. борборлору м-н 60тан ашык келишим түзгөн. Белгилүү жазуучу Ч. Т. *Айтматов* КУАУнун бүтүрүүчүсү. Окуу жай «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган. 2010-жылдан Р. З. *Нургазиев* ректор болуп эмгектенүүдө.

КЫРГЫЗ УЛУТТУК АКАДЕМИЯЛЫК ДРАМА ТЕАТРЫ Т. Абдумомунов атн. – Кыргындагы эң ири драма театры. 1926-ж. 2-ноябрда кыргыз муз. драма студиясы катары ачылган. Театрдын негиздөөчүлөрү: студиянын тунгуч жетекчиси ж-а реж. Н. Н. *Еленин*, студиянын окуучулары А. *Куттубаева*, К. Эшимбеков, Ш. Түмөнбаев, К. Айбашева, К. Мадемилова, Г. Уразбаева, А. *Малдыбаев*, А. *Куттубаев*, М. Ибраев ж. б. болгон. Студияда алгач Н. Еленинди «Молдо Насирдин» (1927), кийин М. Токобаевди «Кайгылуу Какей» (1927), К. *Жантошевди* «Карачач» (1929), Н. Гоголдун «Текшерүүчү» (1929), А. Островскийдин «Жок жерден табылган алтын» (1930) пьесалары б-ча спектаклдер коюлган. 1930-жылдын 7-ноябрында студия Кыргыз мамл. драма театрына айланып, К. Жантошевдин «Алым менен Мария» пьесасы м-н ачылган. 1931-ж. театрга К. Акыев, А. Үсөнбаев, М. Күронкоев, А. Байбатыров, Ш. Термечиков ж. б. элдик онорготдор кирген. 1936-жылдан театр Кыргыз муз. драма театрына, 1941-ж. кайрадан Кыргыз мамл. драма театрына айландырылган. Алгачкы труппасы ГИТИСти бүтүргөн (1941) улан-кыздардан (Р. Айдаралиева, И. Абдубачаев, М. Ибраев, Н. Кытаев, А. Саргалдаев ж. б.), мурда театрда иштеген актёрлордон (А. Айбашев, Б. Бейшенбаева, А. *Боталиев*, Б. *Кыдыкеева*, Д. *Күйукова*, С. *Жаманов*, С. *Кумушалиева*, М. *Рыскулов*, А. Сарбагышев, Ш. Түмөнбаев, К. Эшимбеков ж. б.) куралган. Театр «Король Лир» (У. Шекспир) ж-а «Кедейлик кемтик эмес» (А. Островский) аттуу спектаклдер м-н ачыл-



ган. Кийин А. Токомбаев, Р. Шүкүрбеков, К. Маликов м-н А. Куттубаев, Ф. Шиллер, Б. Жакиев, Т. Абдумомунов, М. Байжиев, М. Тойбаев, А. Чехов, Л. Толстой, Ж. Садыков ж. б. авторлордун пьесалары, Ч. Айтматовдун повесттери б-ча спектаклдер коюлган. 1958-ж. театр Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланып, 1971-ж. академиялык наам алган. Театрдын калыптанышына ж-а осүшүнө реж. Ж. *Абдыкадыров*, М. Назаралиев, Б. *Ибраев*, И. *Рыскулов*, О. Эркимбаева, А. Сарлыкбеков, сүротчүлөр Г. Айтиев, А. Торопов, М. Сыдыкбаев, М. Исхаков, Ю. Нурматов, артисттер А. *Кобогонов*, Н. Кытаев, С. Балкыбекова, С. *Далбаев*, М. *Далбаева*, Г. *Дулатова*, С. *Жумадылов*, Ж. *Сейдакматова*, А. *Өмуралиев*, К. *Досумбаев*, А. Осмонов, Т. *Турсунбаева*, М. *Асанбаев*, Д. *Байтоботов*, С. Жунушалиева, И. Раимкулова, Ж. Сыдыкбаева, Г. Каниметова, Ш. Касымалиева, Э. Бекболиев ж. б. лардын эмгеги зор. 2002-ж. театрга улуттук статусу берилген. 1972-жылдан анын алдында театр окуу жайы иштейт. Театрдын директорлору: А. В. Октябрев, Р. Тургумбаев, И. Кокеев, А. Нурмамбетов, К. Маликов, К. Бектенов, А. Изибаев, А. Темиралиев, З. Тургумбеков, А. Кобогонов, А. Керимбаев, И. Токолдешов, А. Исабеков, Ш. Шаршеев, С. Жумадылов, Т. Дулатов, А. Абдыкалыков, М. Баялинов, А. Сарлыкбеков, К. Осмонов, 2010-жылдан М. Алыкпаев.

КЫРГЫЗ УЛУТТУК АСКЕР ЛИЦЕЙИ Советтер Союзунун Баатыры Д. Асанов атн. – атайын аскер окуу жайы. 1983-ж. ачылган Кырг-н КПнин 60 жылдыгы атн. Респ. адистештирилген жатак-мектептин базасында 1994-ж. Кыргыз мамл. улуттук аскер лицейи катары уюшулган. 2006-жылдан Кыргыз улуттук аскер лицейи деп аталат. 2005-жылдын 30-апрелинде окуу жайга Советтер Союзунун Баатыры, генерал-майор Д. Асановдун ысмы ыйгарылган. Учурда лицейдин айрым бүтүрүүчүлөрү Россия, Түркия, Германия, Индия, Казакстан, АКШ, Азербайжан ж. б. өлкөлөрдүн аскердик окуу жайларынан кесиптик билим алышууда. Окуу жайдын начальниктери: контр-адмирал М. С. *Темиров* (1983–84), генерал-майор Д. А. *Асанов* (1984–94), полковник С. С. Асиеев (1994–2006), полковник М. М. Жумагулов (2006–07), полковник С. А. Койтокуров (2007–08), полковник А. К. Телдыбаев (2008-жылдан).

КЫРГЫЗ УЛУТТУК КИТЕП ПАЛАТАСЫ – республика аймагында басылып чыккан басылмалардын милдеттүү нускасын мамл. ж-а статистикалык каттоого алып, алар ж-до библ. көрсөткүчтөрдү чыгаруучу библиогр. мекеме; ил.-тех. маалымат, басма иштери, полиграфиялык ө. ж., китеп соодасы ж-а мамл. библиогр. борбор. Кыргыз ССР ЭКСтин 1937-ж. 23-майдагы токтому м-н негизделип, 1939-ж. иштей баштаган. Басма сөздү каттап, сактоодон баштап, ал респ. деңгээлдеги мамл. библиогр. ил. борбор, басма сөз статистикасынын, борборлоштурулган каталогдоштуруунун ж-а Улуттук ISBN, ISSN агенттигинин борборуна айланган. Улуттук басма сөздүн кайталангыс, уникалдуу архивин сактоо, маалыматтык библиографияны өнүктүрүү максатында КР Президентинин 1999-жылдын 18-мартындагы жарлыгы м-н Мамл. китеп палатасы Улуттук китеп палатасы болуп кайра түзүлгөн. Палата 5 негизги болумдон турат (2012): 1) милдеттүү нусканы кабыл алуу ж-а китеп таркатуу бөлүмү келип түшкөн басылмага (газетадан башка) мамл. каттоо номерин ыйгарып, бөлүштүрүүнү жүргүзөт; 2) мамл. библиография бөлүмү китеп, брошюра, автореферат, нота, сүрөт басылмаларын, рецензия ж-а газета-журналдарга чыккан макалаларды библиогр. каттоодон өткөрүп УДК (Универсалдуу децималдык классификация) б-ча классификациялап, мамл. библиогр. көрсөткүчтөрдү түзөт. Бөлүм «Кыргыз Республикасынын басма сөз жылнаамасы» мамл. библиогр. көрсөткүчүн кыргыз ж-а орус тилинде даярдап чыгарат. Анда «Китеп жылнаамасы (1951-жылдан)», «Газета макалаларынын жылнаамасы» ж-а «Журнал макалаларынын жылнаамасы» (1956-жылдан), «Рецензия жылнаамасы» (1966-жылдан), «Нота жылнаамасы» (1972-жылдан), «Сүрөт искусствосунун жылнаамасы» ж-а «Библиографиялык колдонмолордун көрсөткүчү» (1982-жылдан) бөлүмдөрү бар; 3) каталогдоштуруу ж-а стандартташтыруу бөлүмү өз ичинде басма сөз ад-ттарын борбордоштуруун каталог түзүүгө чоң орун берет. 1957-жылдан аннотацияланган карточкалар үзгүлтүксүз басылып келет. Каталог м-н картотекаларда 1939-жылдан бери басма ад-ттар камтылган. Ошол учурдан тартып Улуттук ISBN, ISSN ж-а каталогдоштуруу агенттигинин Кырг-ндагы бөлүмү аракеттенген. Бул бөлүм аркылуу китептерге стандарттык номер коюлуп, каталогдук системага киргизилген. Стандартташтыруу номери б-ча Жогорку Эл аралык ISBN агенттигине, «Эл аралык басмалардын справочниги» үчүн маалымат жөнөтөт. 4) басма сөздүн ретроспективдүү архиви ж-а статистикасы бөлүмүндө басылмалын статистикалык эсебин толуктоо ж-а сактоо м-н гана чектелбестен, сан ж-а сапаттык көрсөткүчү б-ча маалымат берет. 5) эл аралык кызматташуу бөлүмү 2008-ж. түзүлгөн. Мамл. басма тармагы б-ча эл аралык кызматташуу ишин координациялайт.

М. Молдалиева.

КЫРГЫЗ УЛУТТУК КОНСЕРВАТОРИЯСЫ – жогорку муз. билим берүүчү окуу жайы. 1993-ж. ачылган. 1998-ж. улуттук статусу берилген. Консерваториянда 5 ф-т (фортепьяно, теория-ком-



позитордук, оркестрдик, вокалдык, билимин өркүндөтүү), 14 кафедра ж-а сырттан окуу бөлүмү бар. Консерваторияда белгилүү иск-во ишмерлери ж-а илимд. кандидаттары, докторлору ж-а профессорлор эмгектенишет. Консерваторияда студенттердин симф., эл аспаптар оркестри, хор, фольклорчулар, скрипкачылар ансамблдери, компьютердик класс, үн жазуучу студия бар. 2004-ж. консерваториянын алдында салттык музыка борбору ачылган. Ректору М. *Бегалиев* (1993-жылдан).

КЫРГЫЗ УЛУТТУК КӨРКӨМ СҮРӨТ ИСКУ́СТВО МУЗЕЙИ Г. А й т и е в а т н. – сүрөт иск-восунун мыкты үлгүлөрү топтолуучу маданий мекеме. Көркөм сүрөт иск-восунун чыгармаларын ил. изилдөө, пропагандалоо иштерин да жүргүзөт. 1935-ж. Фрунзеде Кыргыз мамл. картина галереясы катары ачылып, ага Москвадагы Третьяков галереясынан, РСФСР музей фондунан орус классиктеринин 72 түп нускада чыгармалары алынып келинген. Музейди уюштырууда С. Чуйковдун эмгеги зор. Музей көрүүчүлөрдү биринчи жолу Эмен багындагы (азыркы Ч. Айтматов атн. парк) реконструкцияланган имаратта кабыл алган. Азыркы имараты 1974-ж. курулган (арх. Д. Ырыскулов, В. Назаров ж-а Ш. Жекшенбаев, инженер А. Юсупов, Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйл., 1976). Музейдин живопись, графика, скульптура сактоочу, жасалга-колдонмо өнөр бөлүмдөрү, реставрация өнөрканасы, китепкана, фотолаборатория, кинолекторий, методика кабинеттери, экспозиция залдары, скульптура аянты бар. Музей коллекциясынын негизин С. Чуйков, Г. Айтиев, С. Акылбеков, В. Образцов, А. Игнатьев, О. Мануйлова, Л. Ильина, А. Михалёв, Т. Садыков, Ж. Үмөтов, С. Ишенов ж. б. кыргыз сүрөтчүлөрүнүн чыгармалары түзөт. Экспонаттары жаңы табылгалар м-н үзбөй толукталып турат. Директорлору: А. И. Игнатьев, К. Усубалиева, М. Юсупова, 1997-жылдан Ю. Шыгаев.



КЫРГЫЗ УЛУТТУК ОПЕРА ЖАНА БАЛЕ́Т ТЕАТРЫ А. М а л д ы б а е в а т н. – Кырг-ндагы жалгыз опера ж-а балет театры, Кыргыз муз. мад-тынын борбору. 1937-ж. Фрунзе ш-нда Кыргыз мамл. театрынын базасында муз. драма театры болуп уюшулган. Алгач опера



спектаклдери кыргыз ж-а орус тилдеринде коюлган. 1942-ж. Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрына айланышы улуттук профессионал муз. иск-вонун калыптанышында, онугушундо озучо мектеп болгон. Адегенде «Алтын кыз» (1937), «Ажал ордуна» (1938) муз. драмалары коюлган. 1939-ж. театрда кыргыздын тунгуч улуттук операсы «Айчүрөк» (музыкасы В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ферениki; либреттосу Ж. Турусбеков, К. Маликов, Ж. Бокомбаевдики, дирижёру В. Целиковский, реж. А. Куттубаев, сүрөтчүсү Я. Штоффер) коюлган. Кыргыздын профессионал муз. иск-восун онүктүрүүдөгү театрдын алгачкы ийгиликтери 1939-ж. Кыргыз иск-восунун Москвада откон он күндүгүндө белгиленип, театр Ленин ордени м-н сыйланган. 1940-жылдарда театрда тунгуч кыргыз балеттери «Анар» (музыкасы В. Власов, В. Ферениki; либреттосу К. Эшмамбетов, Н. Холфиндики, балетмейстери Н. Холфин), «Селкинчек» (1943, В. Власов, В. Ферe), «Чолпон» (1944, 3-ред. 1958, В. Власов, В. Ферe), улуттук опералары: «Токтогул» (1940, А. Веприк), «Элдин таалайы үчүн» (1941, В. Власов, В. Ферe), «Патриоттор» (1941, В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ферe), «Манас» (1946, жаңы ред. 1966, В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ферe), «Элдин уулу» (1946, жаңы ред. 1966, В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ферe) коюлган. 1950-жылдардан баштап театр репертуары жаңы чыгармалар м-н байыган, а. и. «Кол боюнда» (1951, В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ферe), «Айдар менен Айша» (1952, А. Аманбаев, С. Германов), «Жаш жүроктор» (1953, М. Абдраев), «Токтогул» (1956, А. Малдыбаев, М. Абдраев), «Ак шумкар» (1957, С. Ряузов), «Мурат» (1959, Л. Книппер), «Жамила» (1961, М. Раухвергер), «Эненин жүрөгү» (1963, С. Германов), «Олжобай менен Кишимжан» (1965, М. Абдраев), «Алтын кыз» (1974, В. Власов, В. Ферe), «Бороон алдында» (1972, М. Абдраев); муз. драмалар ж-а комедиялар: «Ким кантти» (1943, М. Абдраев, А. Аманбаев, А. Малдыбаев, А. Түлеев), «Бойдоктор» (1960, экинчи ред. 1974, А. Аманбаев), «Аста-секин, колукту» (1971, Н. Давлесов), балеттер: «Селкинчек» (1943, В. Власов, В. Ферe), «Чолпон» (1944, 3-ред. 1958, М. Раухвергер), «Ала-Тоодо жаз» (1955, В. Власов, В. Ферe), «Куйручук» (1960, К. Молдобасанов, Г. Окунев), «Саманчы жолу» (1975, К. Молдобасанов) бар. О. эле дүйнөлүк классикалык чыгармалар: «Евгений Онегин», «Ак куу колу», «Уйкудагы сулуу» (П. Чайковский), «Борис Годунов» (М. Мусоргский), «Жизель» (А. Адан), «Чио-Чио-сан» (Ж. Пуччини), «Фауст» (Ш. Гуно), «Кармен» (Ж. Бизе), «Аида», «Отелло» (Ж. Верди), «Баядерка», «Дон Кихот» (Л. Минкус) ж. б. коюлган. 1958-ж. Кыргыз ад-ты м-н иск-восунун Москвада откон он күндүгүндө чыглык ийгиликтери үчүн театрга акад. деген наам берилген (1959). Театрды калыптантыруу ж-а онүктүрүүгө комп.: А. *Малдыбаев*, В. *Власов*, В. *Фере*, М. *Абдраев*, М. Раухвергер, К. *Молдобасанов*, Н. *Давлесов*; реж.: А. *Куттубаев*, В. Васильев; сүрөтчүлөр: Я. Штоффер, А. Арефьев, А. Молдокматов; дирижёрлор: В. Целиковский, Ш. Орозов, Р. Миронович, К. Молдобасанов, А. *Жумахматов*, Н. Давлесов; балетмейстерлер: Н. *Туголов*, К. Мадемилова; хормейстерлер: С. Юсупов, К. Алиев; либретточулар: А. Токомбаев, Ж. Турусбеков, К. Маликов, Ж. Бекомбаев, О. Сарбагышев, Н. Байтемиров ж. б.; ырчылар: С. *Кийизбаева*, А. *Куттубаева*, К. Иманкулова, И. Деркембаева, С. Бекмуратова, А. Малдыбаев, М. Эркимбаева, Г. Ахунбаева, С. *Токтоналиев*, Б. *Миңжылкыев*, Х. *Мухтаров*, Т. *Сейталиев*, К. *Сартбаева*, Н. *Акрамова*, М. *Темирбеков*, А. *Тентимишев*, Э. *Молдокулова*, Д. *Жылгасынова*, Э. *Касымов* ж. б.; бийчилер: Б. *Бейшеналиева*, У. *Сарбагышев*, Р. *Чокоева*, А. *Токомбаева*, Ч. *Базарбаев*, М. *Асылбашев*, Б. *Алимбаев* салым кошушкан. 20-к-дын аягы – 21-к-дын башында театрда дирижёрлор: Р. Осмоналиев, Ж. *Каныметов* (башкы дирижёр); режиссёрлор: О. *Еркимбаева*, И. Сартбаев (башкы режиссёр); балетмейстрлер: К. *Сыдыков*, А. *Нуртазин* (башкы балетмейстери); М. *Шарафидинов* (башкы сүрөтчүсү); К. Тиленчиев (башкы хормейстери); ырчылар: С. *Чоткараева*, К. *Туранов*, В. Портнова, К. Орузбаев, Э. *Нурманбетова*, С. Алмасбеков, А. *Ибраев*, Э. *Асанкулова*, Т. *Жакшылыков*, А. Алимбаева, С. Нураков, С. Жузашев, К. Кускаков; бийчилер А. Нуртазин, С. *Турболотова*, К. Сыдыков, М. Ласточкина, Д. *Бийсеев*, А. Ирсалиев, Р. Таирова, Б. Куттубаев, С. Куватова, К. Сулейманов, А. Ахмадалиева, А. Миңжылкыева, А. Рыскулов, Г. Жусупова, Д. Садыркулов, А. Толобаев ж. б. эмгектенишкен, эмгектенип жатышат. Театр хоруна ырчыларды даярдоочу студия (1956-ж. 26-июнда уюшулган) бар. 1996-ж. театрдын демилгеси м-н «Бүбүсара Бейшеналиева атындагы балет искусствосунун эл аралык фестивалы» (2000, 2008); «Болот Миңжылкыев атындагы опера искусствосунун биринчи фестивалы» (2000) откорүлгөн. Эл аралык долбоорлордун алкагында коюлган спектаклдер да бар: В. А. Моцарт «Сыйкыр флейта» (2001, реж. Сечи Осбринк, Швеция), У. Гажибеков «Кёроглы» (2009, реж. Афлатун Нейматзаде, Азербайжан). Театрдын 1100 орундуу имараты классикалык стилде [ордердик системада, арх. А. Лабуренко (П. Ивановдун катышуусу м-н)] салынган. Залдын плафонундагы чыгармалар Г. *Айтиевдин* жетекчилиги м-н жасалган. Фронтон үстүндөгү ж-а эки жагындагы скульптуралар О. *Мануйловага* таандык. Ички ж-а сырткы жасалгаларына кыргыздын оймо-чиймеси кенири колдонулган. Театрда ил. конф-я, семинар, кенешме, түрдүү тарыхый даталарга арналган салтанаттуу жыйындар откорүлүп турат. Имарат 1955-жылдын 15-майында пайдаланууга берилген. Театрга 1978-ж. А. Малдыбаевдин ысмы, 2000-жылдын 14-сентябрында улуттук статусу ыйгарылган. Директорлору: С. Кийизбаева, А. Куттубаева, Ч. Базарбаев, М. Баялинов, Б. Осмонов, Т. Саламатов.

Р. Бейшеналиева.

КЫРГЫЗ УЛУТТУК ӨЗҮНЧӨ АТЧАНДАР ДИВИЗИОНУ – О. Азиядагы Совет бийлигин басмачылардан коргоо үчүн уюшулган атайы аскер күчү. Ал адегенде эскадрон катары Пишпек шында 1925-ж. түзүлүп, негизинен ыктыярдуу кыргыз жаштары кабыл алынгандыгына байланыштуу ага улуттук деген наам берилген. О. Азия аскер округунун чечими м-н 1927-ж. кыргыз улуттук атчандар полку болуп кайрадан түзүлгөн. Дивизиондо А. Алиев, А. Рысбаев, К. Качыкеев, К. Курабаев ж. б. парт. ж-а сов. кызматкерлер кызмат өтөп, алар Ак-Сай, Арпа, Талас, Чаткал, Алай өрөөндөрүндөгү басмачыларды талкалоого катышкан. Полк 1937-ж. таркатылып, башка аймактагы атчандар дивизиясы м-н бириктирилген. *К. Алымкулов.*

КЫРГЫЗ УЛУТТУК СПОРТУНУН ТҮРЛӨРҮ – бирдиктүү респ. спорттук классификациясы ж-а ойноо, мелдеш эрежелери киргизилип чыккан спорттун 10 түрү (*ат чабыш, ордо, тогуз коргоол, тыйын эңмей, улак тартыш, упай, жорго салыш, күрөш, кыз куумай, сөдөрүш*). К. у. с. т. б-ча мелдештердин эрежелери, бирдиктүү респ. классификациясы ж-дөгү жобосу, разряддарды ж-а наамдарды ыйгаруу тартиби 1993-ж. иштелип чыккан. Аны КРдын спорт федерациялары жактырып, КРдын Дене тарбия ж-а спорт б-ча мамл. к-ти бекиткен. К. у. с. т. б-ча ар кандай спорттук даражалар ыйгарылып, беш түрүндө «спорт чебери» деген наам берилет. Мелдеш эрежелери улам толукталып, такталат. Айрым оюндар чыгарылып, айрымдары кошулат. Алсак, 1972–80-жылдардын аралыгы үчүн бекитилген спорттук классификацияда «Жамбы атмай» болсо, азыр анын ордуна «Упай» киргизилген.

КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ Ж. Б а л а с а г у н и а т н. – Кырг-ндагы биринчи



жогорку окуу жайы. 1931-ж. Фрунзе атн. Кыргыз мамл. педагогика ин-ту болуп түзүлгөн. Анын курамында: тарых, филология, физика-математика ф-ттери болуп, анда 150 студент окуган. 1951-ж. ин-т ун-т болуп калыптанган ж-а ондогон жылдар бою универсалдуу билим берүүчү окуу жай катары онүккөн. Студенттердин контингенти өсүп, даярдалуучу адистиктер көбөйгөн. 1992-ж. чейин респ-кадагы жалгыз ун-т болгон. 26 адистик б-ча 8708 студент окуган. 1951–93-ж. ичинде СССРдин 50 жылдыгы атн. КМУ аталган. Ун-тте физика, математика, биология, химия, экономика, география, филология, тарых, укук, журналистика, чет тил ф-ттери, мектеп директорлорунун квалификациясын жогорулатуу, кечки ж-а сырттан окуу бөлүмдөрү, аспирантура, эсептөө борборлору, ил. лаборатория, ботан. бак, зоомузей, китепканалар иштеп турган. Ун-т уюшулгандан бери 100 миңден ашык адис даярдалган. 1993-ж. Кыргыз мамл. Улуттук ун-т статусун алган, ал эми 2002-ж. Ж. *Баласагынынын* ысмы ыйгарылган. Ун-ттин материалдык-тех. базасы чыңдалып, ил.-пед. кадрлардын осүшүнө И. А. *Батманов*, И. Г. *Дружинин*, А. Г. *Зима*, Х. К. *Карасаев*, З. *Бектенов*, А. А. *Любищев*, К. К. *Сартбаев*, Г. А. *Сухомлинов*, А. Т. *Табалдиев*, Ф. И. *Френкель*, А. Х. *Хасанов*, К. К. *Юдахин*, А. И. *Янушевич*, Б. *Жамгырчинов*, Б. М. *Юнусалиев*, С. Т. *Табышалиев*, М. *Иманалиев*, Ү. *Асанов* ж. б. коруңуктүү илимпоз-педагогдор эмгек сиңиришкен. Ун-тте жог. кесиптик билим берүүнүн бир нече тепкичтери ишке ашырылат: 1) толук эмес билим (окуу мөөнөтү 2 жыл); 2) базалык жогорку ж-а кесиптик жогорку (нормативдүү окуу мөөнөтү 4 жыл); 3) кесиптик жогорку: магистрлерди ж-а дипломдуу адистерди терең окутуу м-н даярдоо; 4) ил. пед. кадрларды – илимдин кандидаттарын даярдоо; 5) ил. пед. кадрларды – илимдин докторлорун даярдоо (окуунун күндүзгү бөлүмү – 3 жыл, сырттан окуу – 2 жыл); 6) адистерди даярдоо а. и. бакалаврды илимдин 26 багыты б-ча, илимдин 22 багыты б-ча магистрлерди даярдоо, илимдин 16 багыты б-ча аспиранттарды даярдоо, илимдин 6 тармагы б-ча докторлорду даярдоо. Бул программаларды 14 ф-т, 4 ин-т, ил. окуу ж-а мадаяний 8 борбор, 1 колледж, 2 лицей, аспирантура, докторантура, жалпы ун-т б-ча 68 кафедра ишке ашырат. КУУ билим берүү программасын модернизациялоо иштеринде, ЖОЖдордо окуу процессин методикалык жактан камсыз кылууну өнүктүрүүдө активдүү катышат. Ректорлору: Б. *Жамгырчинов* (1951–54), Б. *Юнусалиев* (1954–60), С. *Табышалиев* (1960–76), М. *Иманалиев* (1977–79), К. О. *Оторбаев* (1979–86), Ү. А. *Асанов* (1986–92), С. Ж. *Токтомушев* (1992–98), А. А. *Борубаев* (1998–2000), А. Ч. *Какеев* (2000–05), И. С. *Болжурова* (2005–06), Ы. К. *Өмүрканов* (2006–08), А. А. *Бекбалаев* (2008–09), Д. *Нур уулу* (2009–10), А. А. *Акунов* (2010), И. *Исамидинов* (2011-жылдан).

КЫРГЫЗ УЛУТТУК ФИЛАРМОНИЯСЫ Т. Сатылганов атн. – кыргыз эл ырлары м-н күүлөрүн, дүйнө элдеринин муз. мад-тын угуучулардын калың катмарына жайылтууга концерттик ишмердигин багыттаган мамл. мекеме. 1936-ж. 7-октябрда Кыргыз муз. драма театрында П. Шубиндин жетекчилиги м-н 16 кишиден (комузчу, кыл кыякчы М. Күрөнкоев, комузчулар К. Орозов, Ы. Туманов, Ч. Иманкулов, кийинчерээк А. Тыныбеков, Ш. Шеркулов, маначылар М. Мусулманкулов, С. Каралаев, аккындар: К. Акыев, О. Бөлөбалаев, А. Үсөнбаев, кууду Ш. Термечиков, темир комузчу А. Байбатыров, ырчылар: М. Баетов, А. Огомбаев, кыл кыякчы С. Бекмуратов, музыканттар: Ш. Орозов, Ш. Аралбаев ж. б.) турган Кыргыз эл аспаптар оркестри уюшулган; ошол эле жылы кон-



церттик топ түзүлгөн. Ал респ-да биринчи отко-рүлгөн кароонун жеңүүчүлөрү м-н толукталып, филармониянын уюткусу болуп калган. 1939-жылдын 29-октябрында Кыргыз мамл. филармониясы уюшулган. Филармониянын көркөм жетекчиси комп. В. Фере. Анын алгачкы тобун 41 ырчы, комузчу, обончу, манасчы, кууду эл аспаптар оркестри, мамл. хор, комузчулар ансамбли, эркектердин вокалдык квартети, дуэт-ган ансамбли, үйлөмө аспаптар оркестри ж. б. түзгөн. Бир жылдан кийин эл аспаптар оркестри 60 кишиге (көркөм жетекчиси П. Шубин), хору 50 кишиге (көркөм жетекчиси В. Фере, хормейстери Я. Чмелёв) жеткен. 1939-ж. кыргыз иск-восунун Москвада өткөн он күндүгүнө эл аспаптар оркестри, мамл. хор, бий ансамблдери,

ырчылар, комузчулар, манасчылар катышкан. Алардын аткарган чыгармалары Москва угуучуларына терең таасир калтырган. СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1939-жылдын 7-июнундагы жарлыгы м-н Кыргыз мамл. филармониясы Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйланган. 1940-ж. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Жарлыгы м-н филармонияга Т. Сатылгановдун ысмы берилген. Кыргыз ад-ты м-н иск-восунун Москвада өткөн экинчи он күндүгүнө (1958) филармониянын эл аспаптар оркестри, комузчулар ансамбли, кыргыз хору, Карамолдо, Ыбырай, Мыскал, Ысмайыл, Алымкул, Осмонкул баштаган өнөрпоздор катышкан. Анда Кыргыз филармониясынын чоң чыг-лык тобу: ырчылар, комузчулар, көкмө акындар ж. б. ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган. 1960-жылдан тартып филармонияда К. Орозов атн. Кыргыз эл аспаптар оркестри (башкы дирижёрлору А. Жумакматов, К. Молдобасанов, Н. Давлесов, Э. Жумабаев, Т. Жомотоев, С. Жумалиев, Б. Тилегенов), фольклор тобу (жетекчиси Э. Турсуналиев), 15 кишиден турган темир комузчулар ансамбли (жетекчиси Т. Тыныбеков), эстрада тобу (жетекчиси Ч. Кожомжаров), бий ансамбли (жетекчилери Ж. Күгөлов, Э. Мадемилова), 2 жылдык студия, «Ала-Тоо» вокалдык-аспаптык ансамбль (жетекчиси К. Кожомкулов), «Нариste» вокалдык-аспаптык топ (жетекчиси В. Томаренко), «Сем-ай» тобу (жетекчиси А. Сапаралиев), муз. лекторий (жетекчиси Е. Соболева), комузчулар ансамбли (жетекчиси Ч. Исабаев), «Даткайым» скрипкачылар ансамбли (жетекчиси Ч. Абдракманова), о. эле ырчылар Э. *Турсуналиев*, С. *Токтакунов*, З. *Үсөнбаев*, А. *Айталиев*, Т. *Абдиев*, Э. Мо-нов, А. Ибраев, У. Полотов, С. *Садыкова*, ма-насчы У. *Мамбеталиев*, арт. Г. *Валиуллина*, З. Шакеева, Г. Мамашева, Г. Момушева, А. Са-паралиев, Ж. Чабалдаев, Н. Табалдиева, А. Ба-лдиева, Ж. Жумашев, М. Дүйшөкеева, Т. Ис-ва, кууду Шаршенов, К. Ниязов, М. Үм-лиев, кыл кыякчы Т. Мураталиев ж. б. ишке-кен. Филармониянын коллективи жыл сайын орто ж-а жогорку муз. билими бар таланттуу жаштар м-н толукталууда. К. у. ф-нын 1200 орундуу чоң ж-а 320 орундуу чакан концерттик залдары бар. Анда Москва симф. оркестрининн, СССР бий ансамблинин ж. б. чыг-чыл коллективдердин концерттери өткөн. 2001-ж. филармонияга улуттук статусу берилген. Учурда филармонияда 376 адам иштейт (2009), а. и. К. Орозов ати. академиялык кыргыз эл аспаптар оркестри, «Эл ырчысы Эстебес», А. Үсөнбаев ати. «Эл шайырлары» топтору, Ч. Исабаев атн. «Кам-баркан» этногр.-фольклордук ансамбли. «Ак марал» элдик бий ансамбли, «Насыйкат» камералык ансамбли бар. Директорлору: С. Адепов, С. Бектурсунов, Ш. Орозов, Ө. Жетикашкеев, М. Токобаев, Ж. Садыков, Б. Ашымбаев, А. Эсенгулов, С. Шимеев, А. Керимбаев, А. Токтосартов, Д. Назарматов, А. Жунушов, К. Турапов, З. Үсөнбаев (2010-жылдан). *Б. Алагушов.*

КЫРГЫЗ УЮ – Кырг-нда байыртадан асыралып келген жерг. уй. Мандайы жазы, оңү кызыл, сары ала, кара, кара ала, күрөң ж. б. Кырг-ндын бардык аймагында багылат. Чүй, Ысык-Көл өрөөндөрүндөгү К. у. Нарын обл-ндагы уйларга караганда ирдүүрөөк. Инегинин бийикт. 110,8–120,3 *см*, көкүрөк курчамы 152,9–165,4 *см*, тулку бою 137,5–148,2 *см*. К. у. жемчептүү колдон көп жебей, жыл бою жайытта багылат. Инегинин салмагы 280–320 *кг*, букасыныкы 400–450 кг жетет. Жайытта жакшы семирет. Бул учурда ар бир коопас күнүнө 50–500 *г* эт кошот. Сүтүнүн майлуулугу 4,5–5%. К. у-н голланд ую менен кайталап-тыруудан сүт багытындагы *голландия ую*, герефорд ую м-н аргындаштыруудан эт багытындагы казак ала баш ую, швиц ую менен аргындаштыруудан сүт-эт багытындагы *швиц уюсун* чыгарылган.



КЫРГЫЗ УЯҢ ЖҮНДҮҮ КОЮ – коңур эт багытындагы кой породасы. Жерг. кыналып жүндүү куйруктуу койду түрдүү породалардын уяң жүндүү кочкорлор м-н аргындаштыруу аркылуу Талас обл-ндагы «Жоон-Тебе» эмес чукум кой естүрүү з-дунда чыгарылган (1939–53). Аргындаштыруу үчүн (1928–40) Кырг-нга кавказ мериносу, *рамбулье*, *нюртемберг* ж-а *прекос* койлорунун кочкорлорун алынып келинген. 1939-ж. эмгиче ж-а үчүнчү муундагы аргын койлорду өз ара аргындаштыруу жолу м-н уяң жүндүү койдун жаңы породасын чыгаруу ошол учурдагы «Жоон-Тебе» совхозунда, Кырг-н мал чарба ж-а вет. ИИИнин станцияларында, Калининин (азыркы Жайыл р-нунун чарбаларында (Панфилов, Крупская атн. колхоздордо) уюштурулган. Аргын койдун жүндүүлүгүн, сапатын жакшыртуу максатында *грозный кой* м-н *ставрополь коюнун* кочкорлору м-н куудурулган. Бул кой эттүү, тоо шартына жакшы байымдуу. Кочкорунун орт. тирүүдөй салм. 90–100 *кг* (айрымдары 120 *кг*), жүнүнүн уз. 7,5–9,3 *см*, соолугунуну 7,5–8,5 *см*. Кочкорунун жүнү 60-, соолугунуну

гунун жүнү 60–64-сапатта. Ар кочкордон 8–10 *кг* (айрымдарынан 16 *кг*), соолугунан 3,8–4,3 *кг* жүн кыркылат, таза жүндүн чыгышы 50–53%. Ар жүз тубар койдон 120–150 козу алынат. Кочкорунун бийикт. 74–81 *см* (соолугунуку 67–73 *см*), тулку боюнун уз. 74–88 *см* (67–77 *см*), көөдөнүнүн кеңдиги 25–55 *см* (23–29 *см*). Кырг-нда асыл тукум фермердик чарбаларда асыралат.

Ад.: *Лущихин* М. Н. Кыргыз тукумундагы уяң жүндүү кой. Ф., 1959; Тоолуу шарттарда уяң жүндүү кой чарбасын өстүрүүнүн технологиясы. Ф., 1981.

КЫРГЫЗ ФИЛОСОФИЯСЫ – дүйнөлүк философиянын бир бөлүгү. Анын генезиси байыркы доордо өнүгө баштап, кыргыздардын дүйнөгө болгон көз карашы, мифтери, мусулман динине чейинки ишеним ж-а эмпирикалык билимдери аркылуу калыптанган. Байыркы кыргыздардын табиятка жакындыгы, жаратылышка өтө көз карандылыгы ж-а өндүрүштүн негизги ыкмасынын өзгөрүшүндөгү начар динамика алардын ой жүгүртүүлөрүндөгү рационалдык тенденциялардын пайда болушун шарттаган. Бул тенденциялардын негизги өзгөчөлүгү биздин атабабаларыбыз стихиялуу түрдө таанып-билген сырткы дүйнөгө карата туюм-сезимдик мамилеси болуп эсептелет.

О. кылымдагы кыргыздардын социалдык-филос. ойлору Жусуп Баласагуни, Махмуд Кашгари, Асан Кайгы, Толубай сынчы ж-а Санчы сынчынын мурастарында, элдик оозеки чыглыкта ачык туюнтулган. Кыргыз эли эпос, дастан, ыр, жомок, макал-лакаптарга ж. б. бай, көпчүлүгү филос. идеяларга сугарылган. Жусуп Баласагуни м-н Махмуд Кашгаринин дүйнөгө болгон көз карашы 11-к-дын маданий жетишкендиктеринин синтези болуп эсептелген. Ал ошол тарыхый мезгилдин күчтүү ж-а начар жактарын салыштырып көрсөткөн.

Кыргыз элинин фольклордук чыгармалары жыйынтыгында элдин өзүн-өзү таануусун туюнткан дүйнө кабылдоонун реалисттик тенденциясы, процесстер тууралуу диалектикалык божомолдордун элементтери, дүйнөнү таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүнө болгон стихиялуу ишенимдер, позитивдүү гносеол. жалпылоолор, жалпы филос., этикалык ж-а эстетикалык түшүнүктөрдүн калыптанышы чагылдырылган.

Асан Кайгы, Толубай сынчы ж-а Санчы сынчынын мурастарында иррационалдык багыттагы идеялар м-н катар ойчулдарды табият ж-а коомдук процесстердин мыйзам ченемдүүлүгүн түшүнүүгө жакындаткан идеялар сакталган. Алардын моралынын негизги принциби кең пейилдүүлүк ж-а марттык болуп эсептелет. Асан Кайгы, Толубай сынчы ж-а Санчы сынчынын социалдык-филос. ойлорунда болмуш, адамдын жашоо проблемалары белгилүү деңгээлде акылмандуулук, эмпирикалык тажрыйбага негизделген жөндөмдүүлүк ж-а шыктуулук аркылуу каралат. Алар өздөрүнүн социалдык-филос. жалпылоолорунда идеялардан жашоо-турмуштун кубулуштарына карай эмес, реалдуу чыныгы дүйнө аркылуу ой жүгүртүүгө аракет кылышкан.

19-к-дын аягы – 20-к-дын башында социалдык-филос. ойлор андан ары өнүгүп, бул мезгил Калыгул, Арстанбек, Молдо Нияз, Нурмолдо, Жеңижок, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы өңдүү өз мезгилинин прогрессивдүү өкүлдөрүнүн ысымдары м-н байланышкан. Алардын реалисттик көз карашы кыргыз элинин социалдык-филос. ойлорунун өнүгүүсүндөгү жаңы баскыч болгон. Калыгул, Арстанбек ж-а Молдо Кылычтар дүйнөнү кабылдоодо, айрыкча адепахлактык көз караштарында реалдуу-тарыхый түшүнүктөр м-н кошо диний-мистикалык элементтер айкалышып кеткен, бирок басымдуулук кылбайт. Ойчулдар жалпысынан кыргыз элинин күндөлүк турмушунун реалдуу көрүнүшүн, жашоо-тиричилигин, өз доорунун адамдарынын дүйнө кабылдоолорундагы ж-а өз ара мамилелериндеги өзгөрүүлөрдү туура чагылдырышкан. Алардын чыг-лыгында конкреттүү табият кубулуштары, көрүнүштөрү нерселер, жеке адам ж-а көп кырдуу окуялар реалисттик өңүттөн каралат. Ойчулдар өткөндүн жакшы жактарын эстөө м-н адамдарды өздөрүнүн учурдагы абалын түшүнүүгө ж-а анын кемчилдиктерин өңдоого чакырышкан.

Фундаменталдуу билимдердин жоктугуна карабай Молдо Нияз, Нурмолдо, Жеңижок, Токтогул, Тоголок Молдо ж-а Барпынын көз караштарында көп жактуулук, кызыкчылыктардын (таламдардын) универсалдуулугу мүнөздүү. Ойчул-акындардын көз карашында позитивдүү идеялар м-н чыныгы дүйнөгө рационалдык ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүктөрү так ж-а даана көрсөтүлөт. Алар адамдын инсан катары калыптанышын ж-а анын моралдык сапаттарын аныктоочу материалдык шарттарды ачып берүүгө аракет жасашкан. Кырг-нда философия илимине профессионалдык мамиле жасоо 20-к-дын 50-жылдарынын аягынан башталган. Азыркы күндө өлкөбүздө философия илиминин тармактары ар тараптуу өнүгүүгө ээ болду. Буга А. Алтымышбаев, Б. Аманалиев, А. Салиев, А. Нарынбаев, А. Какеев, Т. Аскаров, А. Карыпкулов, А. Брудный, Т. Абдылдаев, Р. Ачылова, К. Исаев, А. Исмаилов, О. Тогусаков, Ш. Акмолдоева, Ы. Мукасов, М. Жумагулов, А. Бекбоев, Ж. Бөкөшов, Ж. Урманбетова, А. Элебаева, М. Артыкбаев, Ш. Ниязалиев, К. Ажыбекова ж. б. окумуштуулардын ил. эмгектери ачык күбө болот. Аларда философиянын урунттуу теор. маселелери терең ж-а ар тараптуу изилденген.

Ад.: *Аманалиев Б. А.* Из истории философской мысли. Ф., 1963; *Алтымышбаев А. А.* Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии. Ф., 1985; *Какеев А. Ч.* Философская мысль в Кыргызстане: поиски и проблемы. Б., 1995; *Нарынбаев А. И.* Возникновение и развитие философии как науки в Кыргызстане. Б., 1999; *Мукасов Ы. М.* Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы. Б., 2004.

Ы. Мукасов.

«КЫРГЫЗФИЛЬМ» Т. Океев атн. – улуттук киностудия. 1939-ж. Фрунзеде кинохрониканын кабарчылык пункту катары уюшулган. 1941-ж. Фрунзе кинохроника студиясы аталып, 1951-ж. хроникалык-документалдык фильмдер киностудиясына, 1956-ж. документалдык ж-а көркөм фильмдер киностудиясына айланган (бир катар көркөм фильмдер «Мосфильм», «Ленфильм», «Казакфильм» киностудиялары м-н биргеликте тартылган). 1957-ж. киностудиянын ө. ж. базасы кеңейтилип, айрым цехтер кайра конструкцияланган. 1961-жылдан азыркы аталышында. 1974-жылдан «Көрөгөч» сатиралык киножурналы чыккан. 1977-ж. «Хроника» чыг-лык [illegible]



меси түзүлгөн, анда мультфильмдердин тех. өндүрүшү негизделген. Студия бир жылда 3 көркөм фильм, 1 телефильм, 16 хроникалык, документ, ил.-популярдык ж-а окуу фильмдерди чыгарган, 30га жакын фильмди кыргыз [illegible]не которгон (1985). 2002-ж. «К.» студиясына Т. Океевдин ысмы ыйгарылган. 2004-ж. Улуттук статус берилген. 1990–2010-жылдары жеке менчик студиялардын өнүгүшүнө жардам көрсөткөн. Фильмдердин дээрлик бардыгы «К[illegible]» тех. базасында, анын катышуусу м-н пайда болду. Толук метраждуу, кыска метраждуу, даректүү фильмдер, балдарга арналган «Аралаш» киножурналы тартылган. Ар кайсы жылдарда Т. Ибрагимов, С. Койчуманов, Б. Карагулов жетектеген. 2009-жылдан директордун милдетин Т. Кулмендеев аткарат, к. *Кыргыз киносу*.

КЫРГЫЗ ЦИРКИ. 1962-ж. Кыргыз ССРинип Өкмөтү м-н «Союзмамцирктин» чечими б-ча Кырг-ндагы алгачкы «Жаш Кыргызстан» цирк труппасы уюштурулуп, ага негизинен жерг. улуттардын уул-кыздары кабыл алынган. Режиссёр-коюучу ж-а жетекчиси, цирк аренасынын атактуу чебери Е. А. Чжан-Фун-Лин дайындалган. 1963-ж. труппага Э. Мамытбеков, А. Жусупов, С. Бейшебаев, Б. Кулубаев, С. Сооронбаев, М. Жумалиев, К. Лин-Чан ж. б. кабыл алынып, кыргыз улуттук циркинин алгачкы артисттери болуп калышкан. 1963-ж. 20-октябрда алгачкы жолу цирк аренасына чыгып, республиканын калкына оюн көрсөтүшкөн. Бул күн кыргыз циркинин жаралган күнү катары эсептелет. Программанын алгачкы номери улуттук оюндардын негизинде түзүлүп, анда акробатиканын, гимнастиканын элементтери колдонулган, айрым фрагменттери комуз м-н аткарылган. Оюн ийгиликтүү өткөндүктөн, «Жаш Кыргызстан» Бүткүл союздук цирктин катарына киргизилип, СССРдин аймагында: Киев, Минск, Севастополь, Архангельск, Ташкент, Ленинград [illegible]нда узак гастролдо болушкан. Москва [illegible] циркинде да оюн көрсөтүшүп, труппанын бардык мүчөлөрүнө цирк чыгармаларынын [illegible] союздук кароосунун лауреаты деген [illegible] ыйгарылган. 1964-ж. К. ц-нин жаңы [illegible] даярдоо максатында эки жылдык студия [illegible]ган. Ага кыргыз улан-кыздары тартылган, алар акробатика, гимнастика, жонглёрдук, эквилибристика, хореографияны өздөштүрүшкөн. «Гүлдөй бер, Кыргызстаным» аттуу [illegible] түзүлүп, жаңы номерлер даярдалган: «Шакектеги гимнасттар» (Ж. Көбөгөнова, Б. [illegible]римов, Р. Вафеев, М. Юсупов), «Тоо [illegible] на-де-де» (Ф. Мукашева, А. Жумалиев), «[illegible] ашпозчулар» (А. Абылкасымов, К. [illegible]), «Ат үстүндөгү жонглёрлор» (Д. [illegible]), «Ийинге минген акробаттар» (М. [illegible], А. Айталиев, С. Жолдошев, К. Иманалиев, М. Жакыпов, М. Хусаинов, Б. Эсентаев, [illegible]беков ж. б.), «Антипод» (А. Хасанова, [illegible]ева, М. Төлөмүшова), «Кыргыздын [illegible]», «Шумкар» (Ф. Мукашева, Д. [illegible], Т. Төлөмүшова, А. Жумалиев, Абубакирдаев, С. Урмамбетов, К. Тажибаев, В. Купряжа, [illegible]мүрбеков, Ү. Кудайбергенов, Ж. Аралбаев ж. б.), «Алкактагы аба гимнасттары» (К. Жолдошев, М. Мукашева, Ш. Сыдыкбекова, [illegible], Г. Алиева). Тунгуч программаны аренага чыгарууга реж. Н. Цертелев, жетекчиси Түркмөн ССРинин эмг. сиң. арт. Н. Кочаков, балетмейстер С. Кебеков, композиторлор К. Молдобасанов, Н. Давлесов, дирижёр А. Жумакматов, жазуучу К. Жантөшев, ошол учурдагы цирктин директору Л. Иванова ж-а цирк артисттери Ю. Корнеев, Г. Осипов, И. Щербаков, Н. Павли, В. Твеленов катышкан.



Москвадан И. Девяткин тарабынан кыргыз маскарапоздору – С. Сооронбаев м-н В. Попов даярдалган. 1969-ж. «Алкактагы аба гимнасттары», «Жаш Кыргызстан» эки коллектив кошулуп, «Жаш Кыргызстан» деген ат м-н 1972-ж. чейин СССРдин шаарларында гастролдо болушкан. 1976-ж. бардык ынгайлуулуктары бар цирктин жаны имараты пайдалануута берилгенден кийин манежде Союздук респ-калардын белгилүү цирк коллективдеринин театрлаштырылган ж-а техн. жактан өтө татаал программалары коюла баштаган. 1977-ж. Финляндияда К. ц. «Кыргыз ат оюндары» номерин көрсөткөн. 1980-ж. 21-декабрында «Ала-Тоо жаңырыгы» спектаклинин премьерасы цирк иск-восундагы жаны ачылыш ж-а багыт болгон. «Легенда» (аба гимнасттары Г. Бекалиева, К. Арботоев), «Фрескалар» (керилген зымда бий аткаруучу Б. Токсобаева), «Жаа тарткыч» (С. Момункулова), «Кыргызстандын экзотикалык фауналары» аттракциону (жетекчиси С.Урманбетов), «Ысык-Көл» акробатикалык ансамбли (жетекчиси Р. Козубеков) жаны программалары коюлган. 1985-жылдан «Кыргызстандын жигиттери» тобун М. *Эшимбеков* жетектейт. 1999-ж. Европага иштеп кетишкен. Италия, Франция, Польша, Чехия, Словакия, Германия, Америка, Израиль, Түркия, Испанияда өткөрүлгөн Эл аралык фестивалдарга катышып, келишим түзүп, жашап, иштеп жүрүшөт. 2010-ж. «Кыргызстандын жигиттери» тобу Монте-Карлодогу цирк иск-восунун дүйнөлүк 34-фестивалында 52 мамлекеттин ичинен 2-орунга ээ болушту.

«КЫРГЫЗЧА-ОРУСЧА СӨЗДҮК» – кыргыз лексикасын дээрлик толук камтыган фундаменталдуу лексикогр. эмгек. Автору – акад. К. К. *Юдахин*. Эки ирет (1940, 1965) басылган. Автор аны 1920-жылдардан тартып кыргыз оозеки тилинен, адабий көркөм ж. б. чыгармалардан алып жыйнаган. Сөздүктүн биринчи басылышында 25 мин, экинчисинде 40 миндей сөз камтылган. Экинчи басылышында тарыхый сөздөр, архаизмдер ж-а диалектилик, кесиптик лексикага тиешелүү, көп маанилүү сөздөрдүн семантикасы бир кыйла толук тандалган; сөздөрдүн көбү фразеологизмдер, макал-лакаптар, кыргыз элинин тарыхына, мад-тына, каада-салтына байланыштуу маалыматтар, тиешелүү баяндамалар м-н иллюстрацияланган. Сөздүктүн биринчи басылышы эки том болуп түрк тилине которулган (Анкара, 1945; Стамбул, 1948). Авторго бул сөздүгү (2-бас.) үчүн 1967-ж. СССР мамл. сыйл. ыйгарылган.



КЫРГЫЗ-ЧЕК – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Мады айыл округуна караштуу. Дениз денг. 980 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кара-Суу ш-нан 28 *км* түш.-чыгыш тарапта. Ош т. ж. бекетинен 7 *км*. Калкы 4590 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Эки орто мектеп, 2 китепкана, клуб, мад-т үйү, оорукана, поликлиника, мончо, мечит бар. Турмуш-тиричилик кызматынын болүмдөрү, соода жайлары иштейт.

«КЫРГЫЗШАМПАНЫ», Шампан-шарап комбинаты– жоопкерчилиги чектелген коом (2007), ишкана. 1948-ж. негизделген. Совет мезгилинде 6 аталыштагы шампан, 30 аталыштагы жүзүм шарабы, коньяк спирти, моможемиш ж-а жүзүм шарап материалдары чыгарылган. 1970-жылдан ачыткыч акратофордо даярдоо ыкмасы м-н даярдалган. 1980-жылдары жылына орто эсеп м-н 6 млн бөтөлкө «Советское шампанское» өндүрүлгөн, ал эми 1992-жылдан 5 млн, 2004-жылдан 197 710 бөтөлкө чыгарылган. Шампан ж-а жүзүм шараптары СССРдин Бүткүл союздук эл чарба көргөзмөсүнүн ж- а эл аралык конкурстардын 51 алтын, күмүш ж-а коло медалдарына татыктуу болгон, а. и. «Советское шампанское» (Будапешт, 1958), «Мускат фиолетовый» (Будапешт, 1960; София, 1966), «Киргизстан» (Ялта», 1970) продукцияларына алтын медаль ыйгарылган. 2007-ж. «Шампаншарапкомбинаты» ж-а «Кантвино» комбинаттары биригип, «Шампаншарапкомбинаты» Бишкек ш-нын борборунан Новопокровка кыш-на, шарап з-дунун аймагына көчүрүлгөн. Компаниянын өндүрүшү реконструкцияланып ж-а модернизацияланып, анда алдынкы техника м-н жабдылган цехтер курулууда. Комбинат өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүү ж-а жаны багыттарды өздөштүрүү, региондук рыноктордо өнүгүн чендоо, ассортиментин кенейтүүнүн үстүндө иш жүргүзүүдө.

КЫРГЫЗ ЭЛДИК КАЛЕНДАРЫ – кыргыз эли байыртадан колдонуп келген жыл эсеби. Кыргыздар мезгил убактысын дыкат эсептеп, аны күнүмдүк турмушунда ж-а чарба жумуштарына кеңири пайдаланган. 20-к-дын башына чейин өзүлөрүнүн он эки жылдык циклден турган, жаныбарлардын аттары м-н аталган салттуу календарын колдонуп келишкен. Календарь о. кылымдарда эле белгилүү болуп, Борб. Азияны мекендеген түрк ж-а монгол тилдүү көчмөн элдердин жыл сүрүү салттары м-н байланышкандыктан, аны көчмөндөр календары деп да аташат. О. кылымдарда кытай, япон, корей ж. б. түш.-чыгыш элдерине тарап, алардан европалыктарга өткөн. Бүгүнкү күндө дүйнө элдери көчмөндөр календарын «Чыгыш календары» деген ат м-н билишет. Тарых булактарында «Чыгыш календары 7–8-к-га таандык, ал о. кылымдарда кыргыздардан жазылып алынган. Кытайлардын

«Тан шу» (Тан династиясынын тарыхы) чыгармасында кытай окулдөрү енисей кыргыздарына келишип, алардын жашоо турмушу ж-дө эскерген баяндамаларында кыргыздардын *жыл сүрүү* салтын өзгөчө белгилешкен. «Кыргыздар жыл айларын «ай», жылдын биринчи айын «Маоши ай» (ай башы) дешет. Үч ай биригип, жылдын чейреги же төрт мезгилди түзөт. Жылдар он эки белги м-н эсептелет. Ошол эле замандарда Орхон-Енисей аймагындагы көрүстөндөргө коюлган таштарга жазылган жыл аттары К. э. к. байыртадан эле калыптанып, эл арасында колдонулуп келгендигин айгинелейт. К. э. к-ндагы жыл аттары төмөндөгүдөй аталган: чычкан, уй, барс, коён, улуу, жылан, жылкы, кой, мечин, тоок, ит, донуз. Жылдын башы «чычкан» жылы болуп эсептелип, ар бир он эки жыл аяктагандан кийин, жаңы цикл(ди)н биринчи жылы мүчөл жыл болгон. Кыргыздардын түшүнүгүндө жылдын башы болгон мүчөл жыл кандай болуп отсо, ошол циклдеги он эки жыл да ошол сыяктуу өтөт деген пикир калыптанган. Ушуга байланыштуу элдик каада-салтта мүчөл жыл ар кандай ырым-жырымдар м-н белгиленип, жакшылык тилеп, тосуп алуу салты келип чыккан. Адамдардын жашын эсептөөдө биринчи мүчөл 13 (он үч) жаштан башталат. Андан кийин он эки жыл кошулуп эсептелине берет. Себеби бала өзү туулган жылы эле бирге чыкпайт, кийинки жылы гана бирге толот (жыл эсептөөдө «нол»саны колдонулбагандыгы үчүн). Ошондуктан адам өзү кайсыл жылы төролсо, дал ошол жылы он экиге чыгат. Адамдын мүчөл жашы өзү туулган жылда эмес, андан кийинки жылы болот, «чычкан» жылы туулса, мүчөлү «уй» жылы, ал эми «жылан» жылы туулса мүчөл «кой» жылына туура келет. Элдик ырым-жырымдарда адам туулган жыл ошол кишинин он эки жыл (бир цикл) жашаган жашынын жыйынтыктоочу жылы катары майрамдалган (мис., «кой» жылы туулган адам үчүн «кой» жылы жыйынтыктоочу жыл болот). Ал эми мүчөл жыл андан кийинки жылга туура келип, адамдар келе турган он эки жыл жакшылыктарды алып келсин деп тилешкен ж-а ошого жараша ырымдарды жасашкан (мис., «кой» жылы туулган адам «мечин» жылында мүчөл жаш ырымдарын өткөрүшөт). Кыргыздарда туулган күндү белгилөө салты жок болгондуктан, мүчөл чыгаруу ырымы б-ча бир жылда туулган адамдардын бардыгы мүчөл жылдын башында, б. а. кыргызча жыл жаңырганда (көбүнчө февраль айына туш келет) мүчөл ырымдарын жасашкан. Жыл ичиндеги айлар он экиге бөлүнүп, алар төмөнкүчө аталат: 1) жалган куран, 2) чын куран, 3) бугу, 4) кулжа, 5) теке, 6) баш оона, 7) аяк оона, 8) тогуздун айы, 9) жетинин айы, 10) бештин айы, 11) үчтүн айы, 12) бирдин айы. Булардагы жети айдын аталышы кайберен-кийик жаныбарларга байланышат. Ал эми акыркы бешөө катар сандар м-н белгиленип, алар ай м-н үркөр жылдыздарынын тогошушуна карата аталган. Кыргыз айларын эсептөө айдын чыгышына карата саналгандыгына байланыштуу, ар бир айда 30 күн болот. Ошол себептен күн календарындагы айларга салыштырганда кыргызча айлар жылына 8–10 күнгө жылышып, артта калат. Ай календары м-н эсеп кылган араб элдеринде арабча айлар жыл өткөн б-ча тегеренип жылыша берет, кыргыздар алардан айырмаланып, бир жылда артта калган он күн үч жылда отуз күн болуп, бир айды түзөрүн эске алышып, ар бир үч жылда он эки айга он үчүнчү «арсар ай» деген айды кошуп эсептегендиктен, кыргыз айлары мезгилдик алкактан чыккан эмес. Кыргызча жылдын башы же жаны жыл жалган курандан башталат. Азыркы мезгилде кыргызча ай саноо колдонулбай калгандыгына байланыштуу, о. эле ай календары м-н бүгүнкү пайдаланган күн календарынын ортосундагы айырмачылыктардан улам, кыргыз ай аттары м-н Григорий айларын атоодо көптөгөн катачылыктар кетүүдө. Мындай каталар кыргызча жаны жыл жалган куран айынан башталат деген маалымат м-н, 21-мартта белгиленүүчү «Нооруз» майрамынын айкалышынан улам жаралып, бүгүнкү күндөгү көпчүлүк басылмаларда март айы кыргызча жалган куран айы деп берилүүдө. Чындыгында 21-марттагы «Нооруз» жаны жылы К. э. к. м-н эч кандай байланышы жок. «Нооруз» майрамы кыргыз элине Ж. Чыгыш б. ж. иран элдеринен келген ж-а элдик майрам катары майрамдалат. Кыргызча жыл сүрүү салты байыртадан бери калыптанып келгендиктен, жалган куран айындагы жыл жаңыруу «Нооруза» эч качан дал келбейт. Кыргызча жаңы жыл жалган куран айы жаңырган биринчи күнгө же «ай башына» туура келет. Бул айдын жаңырышы көпчүлүк мезгилде, азыркы февраль айына тушташат ж-а айдын жаңырышына байланыштуу он-он беш күнгө жылышат. Кыргыз календарын азыркы календарга салыштырып оодаруу б-ча 19-к-дын 2-жарымында – 20-к-дын башында жашап өткөн Тоголок Молдо, Белек Солтоноев, Ыбрайым Абдырахманов, Мурза Байгаринов ж. б. көптөгөн фольклорчулар жалган куран айын азыркы февраль айы м-н дал келтиришет. Мезгилдик убакыт алкактын алгандада да К. э. к-нда жыл башы болгон жалган куран айы, Григорий календарындагы февраль айына жакындашат (февралдын ичи жана марттын башындагы күндөрдөгү жаңырган ай). Эл ичинде «жалган куранда жалама айран ичилет» деген сөздүн мааниси, кышты эмгинда эрте туулган малдын сүтүн пайдалана баштаган мезгилди көрсөтөт. Ал эми жалган курандан кигилди көрсөтөт. Ал эми жалган курандан кийинки «чын куранда чыныртын кулун байлайнат» дегени, бээнин туюту жаздын башы марттан

башталгандыгын кабарлайт. О. эле «бештин айында белдик чечилет» деген сөздө, кой кууту күздүн аягында баштала тургандыгы ж-дө айтылат. Көчмөн кыргыздар кой туутун ызгаардуу кышта эмес, жазында өткөрүш үчүн кочкорлорго белдик тартып коюшкан. Октябрдын аягы, ноябрдын (бештин айы) башында белдикти чечип, куутту башташкан. Койлор апрель, май айларында төлдөгөн. Эгерде жалган куранды март айы деп эсептей турган болсок, анда кой жайында төлдөмөк. Демек, бул фактылар кыргыз жыл эсебинде жыл башы – жалган куран айына, кыштын аягы февраль айына туура келе тургандыгын көрсөтөт. Кыргызча ай аттары м-н Григорий айларын атай турган болсок анда мындай болот: жалган куран – февраль, чын куран –март, бугу – апрель, кулжа – май, теке – июнь, баш оона – июль, аяк оона – август, тогуздун айы – сентябрь, жетинин айы – октябрь, үчтүн айы – декабрь, бирдин айы – январь. К. э. к. б-ча бир жыл он эки айга, ар бир ай отуз күнгө бөлүнүп, төрт жумадан турган. Жуманы апта деп аташкан. Бир жума жети күндөн болуп, ар бир күн төмөнкүчө аталат: 1-күн – дүйшөмбү, 2-күн – шейшемби, 3-күн – шаршемби, 4-күн – бейшемби, 5-күн – жума, 6-күн – ишемби, 7-күн – жекшемби. Кыргыздардын салттуу жыл санагында жылдын кайсыл мезгилинде кандай аба ырайы ж-а табият кубулуштары боло тургандыгы ж-дө асмандагы жылдыздарга, айдын жаңырышына ж-а Ай м-н Үркөр топ жылдызынын тогошуна карата божомолдонот. К. э. к. бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготпой, эл ичинде колдонулуп келет.

Р. Жолдошов.

КЫРГЫЗ ЭЛДИК МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАРЫ. Муундан-муунга мурас болуп келе жаткан түрдүү муз. аспаптарда кыргыз элинин жашоо-турмушун, кубанычын, кайгы-капасын, махабатын, эрдиктерин ж. б. күүгө салуу, ырга кошуу м-н өздөрүнүн кулк-мүнөздөрүнө айкалышкан улуттук ладдарын, ритмдерин, обондорун, күүлөрүн иштеп чыгышкан. К. э. м. а-нын ар бирянин өзүнө таандык үнү, аткаруу ыкмалары, кайталангыс өзгөчөлүктөрү бар. Алар ж-дө маалыматтар оозеки элдик ырларда, уламыштарда ж-а дастандарда айтылат, б. з. ч. 3–8-к-дагы ж-а 11–12-к-дагы орус ж-а чет элдик саякатчылар м-н илимпоздордун эмгектеринен да кездештирүүгө болот. Алгачкы аспаптар жыгачтан, түрдүү өсүмдүктөрдөн, малдын териси м-н сөөгүнөн, мүйүзү м-н кылынан жасалган. Муз. аспаптарга чыгарылган обондор жар чакырууда, жоокерлерди чогултууда, жоого аттанууда, улуу жеңиштерди данктоодо, кабарлоодо, белги берүүдө, анды үркүткөндө, куш салууда ж. б. пайдаланылган. К. э. м. а. үйлөмө [чоор түрлөрү: чопо чоор, ышкырык чоор, чогойно чоор, балтыркан чоор, сыбызгы, сурнай, керней, жалбырак, чыңырткы, зуулдак, барылдак, ышкырык, чымылдак]; какма (темир ооз комуз, жыгач ооз комуз), дирилдек, асатаяк, шалдырак, контуроо, жылаажын, жекесан; кылдуу чертме (комуз); тартма (кыл кыяк); урма (добулбас, добулбаш, доол) болуп бөлүнөт. К. э. м. а-н өркүндөтүү 1930-жылдан башталган. Комуздун алгачкы жаңы түрлөрү (комуз-прима, комуз-секунда, комуз-альт, комуз-тенор, комуз-бас) Москвадагы Сокольники муз. фабрикасында усталар В. Лазарев, А. Токмаков, П. Шошин ж-а П. Гренев биргелешип иштөөсү м-н өркүндөтүлгөн (1935). Кыл кыяктын жаңы түрлөрүн П. Шошин (1938–40), Ташкент ил.-из. ин-тунун проф. А. Петросянц м-н С. Дидеренко (1952–53) модернизациялашкан. Акыркы 15 жылда Кыргыз эл аспаптар оркестринде, «Камбаркан» этногр.-фольклордук, «Ордо сахна» ансамблдеринде улуттук муз. аспаптар кеңири пайдаланылат.

Б. Алагушов.



1. Комуз. 2. Кыяк. 3. Темир комуз. 4. Жыгач комуз. 5. Тай туяк. 6. Добулбас. 7. Шалдырак. 8. Чопо чоорлор. 9. Чоорлор. 10. Сурнай. 11. Керней.

Ад.: *С. Субаналиев.* Киргизские музыкальные инструменты. Ионофоны, мебранафоны и аэрофоны. Ф., 1985; *Б. Алагушов.* Кыргыз музыкасы. Энциклопедия. Б., 2007.

«КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ТАРЫХЫНЫН ОЧЕРКИ» – элдик оозеки чыгармалардын ар кыл жанрлары б-ча изилдөө иштери топтоштурулган эмгек (1973). Жыйнакты белгилүү фольклорист, окумуштуулар – Ж. Субанбеков, С. Мусаев, Р. Кыдырбаева, Ж. Таштемиров, С. Закиров, Б. Кебековалар түзүшкөн. Анда эмгек, үйлөнүү-үлпөт, дин, сүйүү ырлары, ырым ж-а дарымдар, миф ж-а легенда, кошок, арман, санат, терме өңдүү темаларга арналган чыгармалар б-ча изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Бул эмгектен кыргыз элинин өткөндөгү тарыхынан, мад-тынан, салт-санаасынан кеңири түшүнүк алууга болот. «Кыргыз эпостору» эттуу бөлүмдө «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Эр Төштүк», «Жаныш, Байыш», «Курманбек», «Эр Табылды», «Жаңыл Мырза», «Кожожаш», «Мендирман», «Саринжи Бөкөй», «Олжобай менен Кишимжан», «Кедейкан» сыяктуу эпосторго кеңири орун берилип, алардын идеялык, көркөмдүк касиеттери талдоого алынган. Өзгөчө, «Манас» үчилтиги ар тараптан иликтенип (тарыхыйлуулугу, образдар системасы, поэтикасы ж. б.), жыйнактын кыйла бөлүгүн ээлейт. О. эле изилдене элек эпикалык чыгармалар б-ча жалпы маалымат берилип, аларды изилдөөнүн зарылдыгы ж-а жалпы багыттары белгиленген. Жыйнактын аягында «1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүшү элдик поэзияда», «Кыргыз элинин сов. доордогу оозеки чыгармаларынын өсүү жолдору» өңдүү макалалар берилип, ошол учурда пайда болгон чыгармалардын жалпы мүнөзү, маани-мазмуну, көркөмдүгү ж-а алардагы элдик эстетиканын чагылдырылышы чечмеленет. Жыйнактагы материалдар сов. идеологиянын негизинде жазылгандыктан, фольклористика илими талап кылган айрым принциптер бузулган учурлар кездешет. Идеологияга кайчы келген айрым элдик түшүнүктөр жымсалдатылган же такыр эле сөзгө алынган эмес. Алсак, дин ырлары туурасында аларды бир беткей каралоо, коомго каршы коюу тенденциясы орун алган. О. эле эпосторду талдоодо, баа берүүдө мезгилдин саясатына баш ийдире анализдешкен. Марксизмдин классиктеринин иск-во, көркөм ад-т, фольклористика б-ча айткан жол-жоболоруна, тезистерине өзгөчө баа беришип, ошолорго таянган изилдөөлөр орун алгандыктан, албетте, бул эмгек азыркы күндө баштагыдай күчүн, сапаттык деңгээлин сактай албады. Анын үстүнө ал фольклористика илиминин азыркы жетишкен деңгээлине, талаптарына жооп бербей, ил. сапаты да төмөндөдү, моралдык жактан эскирди. Ошондой болсо да, бул эмгек убагында жогору бааланып, фольклористикага кызыккандардын: мектеп мугалимдеринин, ЖОЖдордун филолог мугалимдеринин, студенттердин, аспиранттардын табылгыс окуу куралы болуп келгендиги, ал азыр да өз сапатын таптакыр жоготуп коё электигин танууга болбойт. Себеби, фольклористика илими көбүнчө консервативдик мүнөздө болуп, мезгилдик идеологияларга тиешеси аз болот. Андыктан, ошол учурда айтылган пикирлердин көпчүлүгү азыр да жарактуу. Айрыкча элдик чыгармалардын көркөм түзүлүшү, жанрдык табияты туурасындагы пикирлер учурда да өз кунун жоготкон жок. Албетте, кийинки учурлардагы изилдөөлөр «Очеркти» кайталап калган жок, алар элдик чыгармалардын идеялык жактарын учур талабына ылайыктап, ошол эле учурда мурда айтылган негиздүү пикирлерди андан ары тереңдетишти.



КЫРГЫЗ ЭЛ КОМИССАРЛАР ЧОКУСУ – Борб. Теңир-Тоодогу Ак-Шыйрак кырка тоосунун эн бийик жери. Пирамида сымал. Бийикт. 5125 м. Палеозойдун сланец, мрамор, акиташ, гранит тоотектеринен турат. Үстүн муз текши каптап, капталдарынан түн.-батышка Сары-Төр, Борду, батышка Түн. Кара-Сай өрөөн мөңгүлөрү түшөт. Чокуга биринчи 1932-ж. А. А. Летавет жетекчилик кылган Москва илимпоздор үйүнүн альпинисттери чыккан.

«КЫРГЫЗ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ» БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫ – универсал улуттук энциклопедия, аймактык ж-а тармактык энциклопедия-

ларды, маалыматнаама басылмаларды, мамл. тилди өнүктүрүүгө багытталган окуу китептери м-н окуу куралдарын ж-а көркөм ад-ттарды басып чыгаруучу мамл. ил. мекеме. Алгач 1968-ж. Кыргыз ССР ИАнын алдында уюшулуп, 1974-ж. Кыргыз ССРинин Басма, полиграфия ж-а китеп соодасы б-ча мамл. к-тинин карамагына өткөн. 1968–92-ж. Кыргыз Совет Энциклопедиясынын (КСЭ) Башкы редакциясы аталган. 1992–99-ж. чейин Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1999–2010-ж. КРдин Президентине караштуу Мамл. тил б-ча улуттук комиссиянын алдындагы Мамл. тил ж-а энциклопедия борбору аталып келген. 2010-жылдын 21-декабрында «Кыргыз энциклопедиясы» Башкы редакциясы болуп кайрадан түзүлдү. Кырг-ндын тарыхындагы улуттук мүнөздөгү биринчи универсал энциклопедияны даярдоону уюштуруу ж-а басып чыгаруу өтө татаал ж-а убаракерчиликтүү иш болгон. 30 миңден ашык терминди ичине алган КСЭде илим-билимдин бардык тармагын камтыган жалпы макалалардан сырткары кыргыз элинин өткөндөгү тарыхы, экономикасы, илим-билими, мад-ты, салт-санаасы кеңири чагылдырылган. Ал эми КСЭнин Кыргыз ССРине арналган атайын тому эки тилде (кыргызча ж-а орусча) чыккан. Уюштуруу иштерин жолго коюуда, энциклопедиянын сөздүктөрүн түзүүдө Ж. *Алышбаевдин*, томдорду басып чыгарууда А. *Табалдиевдин*, Б. *Орузбаеванын*, энциклопедиялык стилди калыптандырууда С. *Жигитовдун*, о. эле иштин негизги аткаруучулары болгон энциклопедия кызматкерлеринин эмгеги зор. 1976–82-ж-да 6 томдон турган «Кыргыз Совет Энциклопедиясынын» басылып чыгышы кыргыз элинин маданий турмушундагы зор тарыхый окуя болгон. 1968–88-жылдары Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясында 150гө жакын кызматкер, б. а. 12 редакция, 8 бөлүм иштеп, аны башкы редакторлор: Ж. Алышбаев (1968–69), Б. Үмөталиева (1971–73), А. Табалдиев (1973–75), Б. Орузбаева (1976–88) жетектеген. Бул жылдары КСЭден сырткары орус ж-а кыргыз тилдеринде «Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы» аттуу атайын 2 том, 4 томдон турган «Советтик энциклопедиялык сөздүк» (1984–87), кыргыз ж-а орус тилдериндеги «Фрунзе» энциклопедиясы (1984–86), Х. Карасаевдин «Орфографиялык сөздүгү» (1983), К. К. Юдахин түзгөн 40 миң сөздөн турган «Кыргызча-орусча сөздүктүн» эки томдугу (1985), Х. Карасаевдин «Өздөштүрүлгөн сөздөр» (1986) аттуу сөздүгү ж. б. олуттуу эмгектер жарык көргөн. 1988–98-ж. Башкы редакцияны: М. Борбугулов, А. Карыпкулов, А. Стамов жетектеген. Бул жылдары жарыкка чыккан энциклопедиялык басылмалар: «Ош областы» (1989); Кырг-ндагы жер-суу аталыштарын камтыган «Кыргыз жергеси» (1990); медицина б-ча «Ден соолук» ж-а эки томдуу «Айыл чарба» (1990); «Математика» (1991); «Ысык-Көл. Нарын» (1991; орус тилинде); эки томдуу «Манас» (1994); «Физика» (1994); «Чүй облусу» (1994) м-н «Талас облусу» (1995) эки тилде; «Ысык-Көл облусу» (1995) кыргыз, орус ж-а англис тилдеринде; « Нарын облусу» (1998). 1999-ж. Мамлекеттик тил ж-а энциклопедия борборунун директору – Б. Калдыбаева, 2000-жылдан Д. Б. Андашев. Бул жылдары «Кыргызстан» аттуу обзордук том кыргыз, орус тилдеринде, 2 томдон турган «Бул ким? Ал эмне?» аттуу балдар энциклопедиясы басылды. Мамл. тилди өнүктүрүүгө багытталган Ж. Жусаевдин «Кыргыз тили», Б. Орузбаеванын эки бөлүмдөн турган «Сөз курамы» аттуу окуу китептери ж-а бөбөктөр үчүн Д. Ботахановanын «Бабалар сөзү – акылдын көзү», Э. Абдулдаев, Н. Бейшекеев түзгөн «Орусча-кыргызча сөздүк» (17 миң сөз), «Иш кагаздары», мамл. тилге тиешелүү окуу куралдары, тармактык, аймактык энциклопедиялар, терминдердин түшүндүрмө сөздүктөрү, кыргызча-орусча, орусча-кыргызча сөздүктөр басылып чыкты. О. эле С. Станалиевдин «Касым Тыныстанов», З. Сооронбаеванын «Чоочун киши», К. Акматовдун «Архат» сыяктуу көркөм адабий ж-а балдарга арналган чыгармалар, мындан сырткары «Кыргыз темир жолу», «Кыргыз милициясы» (1999), «Физкультура жана спорт» (2002), Химия (2003), «Жалалабат» (2003) аттуу энциклопедиялар жарык көрдү. Кыргыз энциклопедиясынын жаңы басылмасын чыгаруу милдеттендирилген КР Президентинин жарлыгына (21-январь, 2002-ж.) ылайык кыргыз тилинде 8, орус тилинде 4 томдон турган «Кыргызстан» улуттук универсал энциклопедиясы бекиген. «Кыргыз Совет Энциклопедиясында» 30% жерг. материал камтылса, эми 50%ти түзөт. 2003-жылдан Башкы редактору Ү. *Асанов*, директору, жооптуу редактору Д. Андашев, Башкы редактордун орун басарлары З. *Бейшеев*, Ч. *Жумагулов*. Азыр «Кыргызстан» энциклопедиясынын жаңы басылмасы 5 редакция ж-а бир бөлүмдүн күчү м-н даярдалууда. Улуттук энциклопедияны даярдоо м-н бирге анын негизин түзүүчү 8 терминол. сөздүк ж-а 17 илим тармагы б-ча энциклопедиялык окуу куралдары жарык көргөн. Улуттук энциклопедиянын жаңы басылмасын даярдоого республикага белгилүү окумуштууларды ж-а коомдук ишмерлерди камтыган 30 кишиден турган редакциялык коллегия, илим тармактары б-ча 200 адисти камтыган 27 редакциялык кеңеш көмөк көрсөтүп жатат. Редакцияда З. Бейшеев, Ч. Жумагулов, Б. Бегалиева, С. Төлөгөнова, Д. Акматова, Ө. Бараталиев, Ж. Жолдошева сыяктуу дасыккан энциклопедисттер, Т. Сандыбаева, А. Абдырахманова, А. Касымалиев сыяктуу китеп ишин мыкты билген 38 адис эмгектенүүдө. Бул энциклопедия кыргыз элинин дүйнө таануусун, басып өткөн тарыхый жолун, илим-билимин ар тараптан чагылдыруучу, мамл. тилди жүзөгө ашыруучу мамлекеттин башкы китеби болуп эсептелет ж-а ал мурдагы энциклопедиядан түп тамырынан бери айырмаланат. Кырг-нда илим-билимдин фундаменталдуу түптөлүшү сов. доордо жогорку деңгээлге жеткени м-н кыргыз элинин байыртан берки басып өткөн жолу, көз каранды эместиги үчүн күрөшү, көрүнүктүү тарыхый инсандары ж. б. кыргыз тарыхынан толук орун албай келген маалыматтарга жаңы өңүттөн кеңири орун берилди. 1938–39-жылдарда күнөөсүз репрессияланган инсандар, коллективдештирүү мезгилинде пайда болгон «басмачылык кыймылы», о. эле «Үркүн» окуясы архивдик материалдар аркылуу такталып, бүгүнкү көз караш м-н жаңыланып киргизилди. Мындан сырткары совет идеологиясынын айынан айтылбай келген, бирок кыргыз элинин тарыхына из калтырган белгилүү инсандар да Кыргыз Энциклопедиясынан биринчи жолу орун алышты. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөгө салым кошкон: Барсбек, Кубат бий, Мухаммед Кыргыз, Ормон хан ж. б., көз каранды эместик үчүн чет жерлик баскынчыларга каршы күрөштү жетектеген: Тайлак баатыр, Нышаа баатыр, Жайыл баатыр, Атаке баатыр ж. б., кыргыз элинин ар кайсы мезгилдеги улуттук-боштондук кыймылын жетектеген: Канат хан, Полот хан ж. б., коңшу мамлекеттер м-н достук мамилесин түзгөн элчилер (орто кылымдагы ж-а 18–19-к-да Россияга баргандар): Эрен улук, Шергазы, Абдрахман Кучак уулу, Черикчи бий ж. б., эл башкарууда акылмандыгы ж-а көсөмдүгү м-н кадыр-баркка ээ болгон: Садыр аке, Кыдыр аке, Курманжан датка, Көкүм бий ж. б. Албетте А. Сыдыков, Ж. Абдрахманов, И. Айдарбеков баштаган Кыргыз мамлекеттүүлүгүн негиздөөгө салым кошкондор, КРдин кийинки ишмерлери, согуштун ж-а эмгектин баатырлары, эл артисттери, эл жазуучулары, эл сүрөтчүлөрү, эл мугалимдери, дүйнөгө таанылган окумуштуулар, Кыргыз Республикасынын окумуштуулары, УИАнын анык мүчөлөрү – академиктер, корр. мүчөлөрү, илим докторлору, дүйнөлүк, Европ. ж-а Азиялык олимпиялык оюндардын чемпиондору м-н толукталды. О. эле эгемендикке жеткенден кийинки Кырг-нда болуп өткөн 2002-жылдагы «Аксы окуясы», 2005-жылдагы «Март ыңкылабы», 2010-жылдагы апрель революциясы сыяктуу олуттуу окуялар чагылдырылат. Демократиянын шарапаты м-н Азамат Алтай ж-дө таржымал макала киргизилди. Мындан сырткары энциклопедиянын принциптерине ылайык адам баласынын тарыхы, көрүнүктүү өкүлдөрү, аалам түзүлүшү, дүйнөлүк процесстер, мамлекеттер, жан-жаныбар, өсүмдүктөр дүйнөсү, илим-техника жетишкендиктери берилди. Ал эми тех. аткарылышы ж-а жабдылышы б-ча мурдагы энциклопедиянын форматын кайталабай, студенттер үчүн да, окуучулар үчүн да көтөрүп жүрүүгө ыңгайлуу, дүйнөлүк энциклопедиянын форматы тандалып алынды. Көркөм жасалгаланышы жагынан да айырмаланат. Иллюстрациялардын баары (карта, чийме, сүрөт ж. б.) баттама катары эмес, окурмандардын кабыл алуусуна жеткиликтүү болуусу үчүн ошол макаланын өзүндө түстүү же ак-кара түрдө берилди. Бул энциклопедия басылган кагазы б-ча да КМШ өлкөлөрүнүн энциклопедияларынан кыйла айырмаланат. Мындан сырткары башка энциклопедиялык басылмаларды чыгарууга да көңүл бурулуп, «Алабука району» (2005), «Токтогул району» (2005), «Тогузторо району» (2007), «Аксы району» (2008), «Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү» (2009), «Суусамыр» (2010) ж. б. жарык көрдү.

Д. Андашев.

КЫРГЫЗ ЭСТРАДАСЫ 20-к-дын 60-жылдарынан өнүгө баштаган. 1962-ж. Мамл. филармонияда курамы 15 музыканттан турган атайын профессионал эстрада тобу түзүлгөн. Ал алгачкы кыргыз эстрада ансамбли болуп, анда комуз-прима, комуз-альт, комуз-бас, аккордеон, бас-гитара, электр-орган ж-а урма аспаптар колдонулган. Ансамблди Ч. *Кожомкулов* жетектеген. Репертуарына кыргыз элдик обондору ж-а күүлөрү, композиторлордун эстрадалык ырлары, аспаптык чыгармалары киргэн. Э. *Мойдунов*, Ш. *Өтобаев*, Г. *Мамашева*, З. Шакеева, А. Сапаралиев, А. Исраилова, А. Базарбаева, А. Момунгазиев, К. Барктабасова, Н. Калназарова, А. *Ибраев* ж. б. ырчылар К. э-н түптөгөн. Эстрада өнөрүнө кызыгуу күчөп, окуу жайларда, айылдык, райондук, обл. мад-т үйлөрүндө аваздык-аспаптык топтор уюштурула баштаган. 1975-ж. К. Кожомкулов уюштурган «Арашан», 1980-ж. В. А. Пругло уюштурган «Наристе» вокалдык-аспаптык топтору пайда болгон. Кийин аткаруучулук профессионалдуулугу м-н айырмаланган «Наристе», «Жесум Үсөн», «Кыз бурак», «Биз», «Мээрим», «Жаныгын», «Семетей», «Арман», «Гүлдесте», «Аракет» аттуу вокалдык-аспаптык ансамблдер реси, ж-а эл аралык конкурс, фестивалдардын лауреаттары болушкан. 1990-жылдан К. э. жаңы багытта, жаңы нукта өнүгүү жолуна түштү. «Элес», «Агым», «Аян», «Инсан», «Кербен», «От», «Эрсай», «Энесай», о. эле А. Головин жетектеген джаз ансамбли, «Эриксон-Диксибэнд» ж. б., «Гольфстрим», «R-18», «Континент», «Южный крест» рок-топтору түзүлгөн. Учурда «ДжазОк», «Солёные орешки», «Аура», «Теоника», «Анна Парадайз», «Артек» ж. б. эстрадалык топтор бар. К. э-нын калыптанышына композиторлор: А. *Малдыбаев*, К. *Молдобасанов*, Н. *Давлесов*, С. *Жумалиев*, С. *Осмонов*, Ж. *Малдыбаева*, М. *Бегалиев*,

К. Эралиева, Б. Алишеров, С. Бактыгулов, Т. Саламатов, о. эле обончулар: К. Тагаев, М. Рыскулбеков, Р. *Абдыкадыров*, А. *Керимбаев*, Т. *Казаков*, Ж. Мамажанов, Ч. Сатаев, А. Бодошев ж. б.; аткаруучулар: Г. *Сатылганова*, К. *Азыкбаев*, А. Исабаев, Ы. Осмонкулов, Ж. Осмоналиева, С. Назаренко, С. Каримов, Д. Акулова, Т. Черикчиева, А. Жетигенова, К. Жолдошев, Г. Тойгонбаева, А. Иманалиева, Г. Кахарова, А. Турдалиева, Т. Ынакбеков, Ш. Аскарова, И. Аманбаев, А. Темиров, К. Артыков, Ж. Муратова ж. б., кийинки муундагы ырчылар: Г. Батырканова, А. Карымов, С. Бейшекеев, Ф. Султанова, Т. Назаров, Т. Асаналиев, М. Атабеков, С. Садыралиев, С. Балтаева, С. Искеналиев, Ч. Төробеков, Н. Садыкова, А. Асангожоева, Р. Адилканова, Г. Суранчиева, Нэна (М. Абдылдаева), Ж. Бобкова ж. б.; аранжировщиктер: Р. Сарлыков, Э. Кадырбаев, Э. Мээрканов, А. Головин, А. Юртаев, Б. Айтбосунов, Т. Бейшеев, М. Батырканов, Р. Усманов, М. Ниязов, А. Такырбашев ж. б. салым кошкон. К. э-нын өкүлдөрү эл аралык конкурстарда Кыргыз мамлекетинин желегин бийик көтөрүшкөн (акыркы 5 жыл ичиндеги жеңүүчүлөр): Омар (Ө. Жанышев) «Жаңы толкун» («Новая волна»), Латвия, Рига, 2008, А. Пугачёванын жеке сыйлыгы (50 000 АКШ доллары); Э. Кадырбаев – «Астана жылдызы», Казакстан, Астана, 2008, Гран-При; Ома (Ө. Андарбеков) – «Бүткүл дүйнөлүк чемпионат», АКШ, Лос-Анжелес, 2008, 3 алтын медаль; Н. Азыкбаева – «Бүткүл дүйнөлүк чемпионат», АКШ, Лос-Анжелес, 2009, алтын медаль; Ю. Руцкая – «Еврофест», Македония, Скопье, 2011, Гран-При; А. Өмүрзаков – «Чехия жана Словакия таланттары», Чехия, Братислава, 2012, эл аралык телешоунун башкы байгеси (100 000 евро); Г. Калыков, «Евразия жылдызы», 2012, Түркия, Стамбул, Гран-При.

К. э. бий жаатында [элдик, заманбап, бал (европ. ж-а латын-амер.), спорттук ж. б.] бийлери да өнүгүүдө: «Таберик», «Жаш кыял», «Азия-Нур», «Версус», «Стардэнс», «Вилби», «Майяшоу», С. Закржевскийдин жетекчилигиндеги европ. ж-а спорттук бий студиялары бар, о. эле «Азия звук», «Алман-рекордс», «Вотум», «Экорекордс», КРдин Коомдук телерадио корпорациясынын профессионалдык үн жазуу студиялары иштейт. Жыл сайын респ., эл аралык джаз, эстрада, фольклор, бий ж-а спорт бий конкурстары ж-а фестивалдары өтүп турат.

Р. Бейшеналиева.

КЫРГЫЗ ЭЧКИСИ – эт-сүт-жүн багытындагы жерг. эчки. Бир эчки 4,5–5 айда 100–120 *кг* сүт берет. Жүнү кылчык, бир жылда 400–450 *г* жүн кыркылып, 100–110 *г*дан тыбыт таралат. Жерг. шартка жакшы конгүгүп, жыл бою жайытта багылат. К. э-нин породасын жакшыртуу максатында 1937-жылдан Кырг-ндын түштүгүндө ангор, придон, оренбург эчки породалары м-н аргындаштырылып, жаңы порода чыгарылган. Жүн багытындагы эчкиден орт. 1,5–2 *кг* жүн, айрымдарынан 3,5–4 *кг*, текесинен 5–6 *кг* сапаттуу жүн кыркылат. Жүнү тармал, уз. 20–23 *см*, кылынын ичкелиги 76–92 *мкм*, тыбытынын ичкелиги 15–17 *мкм*. Тыбыт багытындагы эчкиден жылына 350–400 *г* сапаттуу тыбыт таралат. Таза жүнү 86–90%.

КЫРГЫЙ (Aecipter) – куштардын түйгундар тукумундагы уруусу. 40тай түрү кенири таралган. КМШ өлкөлөрүндө 6 түрү бар. К-дын ургаачысы эркегинен чоң. Жону күрөң, боору агыш, чаар, төбөсү каралжын, желкеси ак темгилдүү. Түн.-Батыш Африка, Азия ж-а Европада таралган. Кырг-нда сейрек учурайт. Бакта уялап, 4–5 чаар жумуртка тууйт, ургаачысы 1 айча басат. Эркеги жем ташып берет. Майда кемирүүчүлөр, куштар ж. б. м-н азыктанат. Алгыр куш катары тапталат.

КЫРКА ТОО – рельефтин узунунан созулуп жаткан көтөрүңкү формасы. Капталдарынын тиктиги 10–15°тан тигирээк келип, бийиктиги, узундугу ж-а формасы тоонун өрчүү тарыхы м-н аны түзгөн тоо тектердин курамына жараша болот. Кырг-ндагы ири кырка тоолор: Какшаал (уз. 582 *км*), Кыргыз Ала-Тоосу (454 *км*), Тескей Ала-Тоо (354 *км*), Алай (350 *км*) ж. б. Океан түптөрүндө да К. т-лор болот; мис., Түн. Муз океанындагы Ломоносов кырка тоосу (уз. 1800 *км*) ж. б.

КЫРК-БУЛАК АНДАЛУЗИ́Т КЕНИ Баткен обл-нун Лейлек р-нунда, Өзгөрүш кыш-нан 35 *км* алыстыкта, дениз денг. 3200 *м* бийиктө жайгашкан. 1989-ж. табылган. Андалузит негизинен сланецтер м-н байланышкан, аллювий-пролювий катмарында да кездешет. Ири кристаллдуу андалузит сланецтердин 25–30%ин түзөт. Сырьёнун 50%и зергердик андалузит болуп саналат. Кристаллдардын өлчөмү 4×2,5×1,8 *см*ден 12×1×1 *см*ге жетип, оңу ачык күрөң, ачык боз келет. Өлчөмү 10×6×4 *мм* андалузиттин тунук кристаллдарына кыр чыгарып, зергердик буюмдарга колдонсо болот. Запасы эсептелген эмес.

КЫРК-БУЛАК СЛЮДА́ КЕНИ Баткен обл-нун Лейлек р-нунда, Исфана ш-нан 80 *км* түш.-батышта, Кырк-Булак суусунун баш жагында, дениз денг. 3100–3500 *м* бийиктө жайгашкан. 1951-ж. чалгындалган. Калындыгы 0,5–14 *м*, шерл-мусковиттүү, биотит-шерлдүү, мусковит-микроклиндүү. Курамында 34 пегматит тулкусу силурдун метаморфизмделген сланецтеринин ичинде жайгашкан. Мусковиттин чыгышы 9,4–27,94 *кг/м*², запасы C_1 категориясы б-ча 252,4 *т*, C_2 – 79,5 *т*. Майдаланган (чачылган) слюданын запасы C_1 – 10,26 *т*, C_{2-1} – 0,2 *т*.

КЫРК-КАРАКЧЫ ТООСУ Исфана ороонунун түндүгүндө кендик багытта 22 *км*ге созулуп жатат. Туурасы 5 *км*. Дениз денг. орт. бийикт. 1800–1900 *м*, эң бийик жери 2272 *м*. Тоонун кыры тайпан, анда-санда тик чокулар кездешет. Капталдары жантайыңкы, кокту-колоттору аз. Палеогендин чопо, алевролит, кумдук, акиташ теги, доломит ж-а гипс тектеринен турат. Көмүр кени бар. Тоонун ландшафттары негизинен кургакчыл келип, чөл, жарым чөл, кургак талаа ж-а талаадан турат. Капталкондору чоп-чабынды, жайыт катары пайдаланылат; кайрак эгин айдалат.

КЫРК-КЕЧҮҮ, К ы р к - К е ч и к – Ак-Буура-нын оң куймасы; Кара-Суу р-нундагы суу. Уз. 45 *км*, алабынын аянты 425 *км*². Алай кырка тоосунун түн.-чыгыш тармагы Ак-Туура тоосунун түн.-батыш капталынан башталат. 15 куймасы бар; ирилери: Берксуу, Талды-Булак (сол). Негизинен кар, мөңгү сууларынан куралат. Жылдык орт. чыгымы 3,10 *м*³/*сек*. Эң көбү июнь–июлда, эң азы февралда байкалат. Суугатка пайдаланылат. Боюнда Чыргай, Кызыл-Ой, Ак-Терек ж. б. кыш. жайгашкан.

КЫРК-КЕЧҮҮ КАПЧЫГАЙЫ, К ы р к - К е ч и к к а п ч ы г а й ы Алай кырка тоосунун түн. капталында; Кара-Суу р-нунун аймагында. Кырк-Кечүү суусу (Ак-Бууранын оң куймасы) аккан багытта түштүктөн түндүккө карай 40 *км*ге созулат. Таманынын жазы жери 3–3,5 *км*, кууш жери 300–500 *м*, жапыз жери 1250–1260 *м*, бийик жери 2700–2800 *м* бийикте. Капчыгай суу эрозиясынан ж-а үболөнүү процессинен пайда болгон. Девон м-н карбондун кумдук, акиташ, алевролит, конгломерат жана тоо тектеринен турат. Капчыгайдын төрү тегиз сымал келип, байыркы мөңгүнүн таасиринен пайда болгон рельефтин формалары кездешет. Ортонку бөлүгү кууш, айрым жерлери тар; антецеденттик капчыгай. Төмөнкү бөлүгү кенейип, бир нече тектирди пайда кылат да, Ак-Буура суусунун ороонуно өтөт. Ландшафтында талаа (2200 *м* бийикке чейин), арча токойлору ж-а бадал аралашкан шалбаалуу талаа (2200–2800 *м*) басымдуу. Таманында бадалдуу токойлор кездешет. Капчыгай аркылуу жайкы жайытка мал айдалат.

«КЫРК КЫЗ» – каракалпак элинин баатырдык эпосу. Анда каракалпак элинин эркиндикке, тендикке болгон умтулуусу, чет элдик баскынчыларга каршы баатырдык күрөшү баяндалат. Күрөш Аллаярдын Саркоп чебин калмактар бузуп, мал-мүлкүн талап, элин туткундап, оз жерине айдап кеткенинен башталып, Гүлайым баштаган кырк кыз озгочо баатырдык, туруктуулук көрсөтүп, өз элин калмактан бошотушу м-н аяктайт. Эпостун «К. к.» аталышы да ушундан. Мындай адилеттүү жеңишке Гүлайым баштаган кырк кыз талоончул Хива хандарына, Иран шахына каршы күрөштө да ээ болот. Эпостун окуяларына караганда, чыгарманын жаралыш доору 17–18-к-га таандык. «К. к.» жомокчу Курбанбай Тажибаевден 1940-ж. жазылып алынып, жарыяланган. Ал көп тилдерге (а. и. кыргыз тилине да) которулган.

КЫРК МУУН (Equisetum) – осүмдүктөрдүн кырк муундар тукумунун уруусу. Муунакталма тамырынан кремнезёмдуу, катуу сабак өсөт, ал муунактап бутактайт, ар муунагында начар өөрчүгөн жалбырагы жайгашат. Сабагы өтө катуу. К. м-дун 30дай түрү Австралия ж-а Жаңы Зеландиядан башка бардык жерде таралган. КМШ өлкөлөрүндө 17 түрү, Кырг-нда 3 түрү шагылдуу, саздуу, токой көлөкөлөрүндө кезигет. Камыш сымал ж-а ала К. м. бугу ж. б. айбанаттарга жакшы тоют. Токой К. м-у керенкур, чил, каракур сыяктуу куштарга азык болот. Кышкы К. м. жыгач буюмду жылмалоодо колдонулат. Талаа К. м-у – отоо чөп, таштак ж-а чопо-луу, кумдак жерде өсөт. Саз К. м-у – мал үчүн уулуу.

КЫРКОЛ ГИПС КЕНИ Ош обл-нун Ноокат р-нунда, Ош ш-нан 70 *км*, Кызыл-Кыя т. ж. бекетинен 20 *км* чыгышта, дениз денг. 1500 *м* бийикте. 1981–83-ж. чалгындалган. Кен аймагын мезозой заманында пайда болгон чөкмө тектер түзөт. Гипс бор мезгилиндеги доломит, акиташ ж-а чопонун арасында жайгашкан. Калындыгы 35,9 *м*ден 71,7 *м*ге жетет. Гипстин оңу бозомук, ак, түзүлүшү майда бүртүктүү. Пайдалуу катмарда гипстин өлчөмү 70,0%тен 99,85%ке чейин өзгөрүп, орт. 93,24%ти түзөт. Ангидриттин орт. өлчөмү 3,44%. Гипстин көпчүлүгү II сортко тиешелүү. Кыртышты талаштоодо, цемент өндүрүүдө пайдаланылат. Запасы $A+B+C_1$ категориясы б-ча – 7401 мин *т*.

КЫРКОЛ КУМ-ШАГЫЛ КЕНИ Ош обл-нун Ноокат р-нунда, Кызыл-Кыя ж. ж.-нан 20 *км* чыгышта, дениз денг. 1640 *м* бийикте. 1985-ж. изилденген. Пайдалуу катмар байыркы төртүнчүлүк мезгилинде пайда болгон кум-шагыл кошулмасынан турат. Калыңдыгы 3 *м*ден 60 *м*ге чейин, туурасы 200–1300 *м*. Кум-шагыл кошулмасынын ичинде 12,3% жойташ, 58,8% шагыл, 28,9% кум бар. Кум-шагыл бетон, асфальт бетонун даярдоого, курулуш иштерине жарамдуу. Запасы В категориясы б-ча 2028 мин *м*³, C_1 – 1994 мин *м*³.

КЫРК ЧОРОНУН КҮМБӨЗҮ – 16–19-к-га таандык археол. эстелик. Кочкор р-нунда Дон-Алыш айылынын түн.-чыгыш чет жакасында жайгашкан. Чийки кыштан салынып, ичи оймо-чийменип кооздолгон 14 күмбөздөн турган. Төрткүл ж-а Семиз-Белдеги күмбөздөрдү да кырк чорого байланыштырышат. Жалпы көрүнүшү тик бурчтуу ж-а чарчы түрүндө. Порталдары бышык курулуп, үстү кумпалуу жабылган. Ламыштарда бул күмбөздөрдө Манастын кырк чоросунун соогу коюлган делет. Бул күмбөздөрдүн уландысы Ак-Чий көрүстөндөрү деп аталат.



Семиз-Белдеги күмбөз.

Учурда Семиз-Белде гана жалгыз күмбөз сакталып калган. 1949-ж. археологдор А. Н. Бернштам ж-а Д. Ф. Винник изилдеген.

КЫРКЫРХАН, К а р к а р(а) х а н – о. кылымда кимактар жашаган бир жердин аталышы. «Худуд ал-Алам» б-ча К-да жайлаган элдин үрпадаты кыргыздардыкына окшош болгон. В. Ф. Минорский аны Иртыш д-нын түштүгүндөгү Каракаралы ш. м-н салыштырган. Тарыхчылар Б. Е. *Кумеков* К-ды ал-Идрисинин «Нузхат алмуштак» аттуу эмгегиндеги Тарбагатай тоо кыркасынын «Гиргир» деген аталышка байланыштырса, Ө. Караев Ысык-Көлдүн чыгышындагы Каркыра жайлоосу м-н байланышы бар болушу мүмкүн деп божомолдойт.

Ад.: *Бартольд* В. В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1996; *Караев О.* Арабские и персидские источники IX–XII вв. о киргизах и Киргизии. Ф., 1968; *Караев О.* Арабские и персидские источники о тюркских народах. Ф., 1973; *Кумеков Б. Е.* Арабские источники по истории кипчаков, куманов и кимаков VIII–XIII вв. СПб., 1994; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 2003.

Э. Турганбаев.

КЫРМА – жыгачтан аяк, табак, чойчөк, бешик туткасы, бишкек сап, тактанын буттары сыяктуу буюмдарды кырып жасоо ж-а кооздоо үчүн колдонулуучу аспап. К. бут м-н айландырылып, идиш же буюм жасалуучу жыгачтарды кысып алуучу тетиги ж-а учтары түрдүүчө (түз, кыйгач, ачакей, айчык) абалда курчутулган кыргыч темири бекитилчү жери, аны ары-бери, оңго-солго жылдырып туруучу болүгү болгон. К. м-н узанган адамды к ы р м а ч ы дешет.

КЫРМАН – 1) эгин бастыруу, топтоо, кызылдоо, тазалоо, ж. б. иштерге ылайыкталып жасалган аянт. Анда эгин тазалоочу машиналарды (эгин сапыруучу, которуштуруучу ж. б.) орнотуу үчүн ар кандай бастырма курулат. К-да эгин кургатылып, сапырылып тазаланат да сакталуучу жайга (кампа ж. б.) жөнөтүлөт. К-да эгин тазалоо, жүктөө-түшүрүү иштери толук техниканын жардамы м-н аткарылат. К. бир жерге (кыштак ичинде) ж-а убактылуу курулуп, ачык же жабык болот. К-дын уз. 70–80 *м*, туурасы 45–60 *м* болушу керек; 2) терилген пахта топтолуп, кургатылып, пахта кабыл алуучу пунктка жөнөтүүчү жай. К-дын жанында демейде иштегендер эс алуучу шыйпан да болот.

КЫРТАБЫЛГЫ ГРАНИТ КЕНИ Чүй обл-нун Кемин р-нунда, Кичи Кемин кыш-нан 3 *км* түндүктө, Токмок ш-нан 30 *км* чыгышта, деңиз деңг. 1400–1530 *м* бийикте. 1971-ж. чалгындалган. Кен аймагын пермь мезгилинде пайда болгон Кичи Кемин гранит интрузия комплекси түзөт. Гранит лейкократтуу, орто ж-а ири кристаллдуу, оңү кызгылт боз, кызгылт ж-а күрөңкызыл. Арасында майда кристаллдуу гранит-тердин шток сымал тулкулары, диабаз, сиенит-диорит порфирлеринин дайкалары кездешет. Физ.-мех. касиеттери: орт. тыгыздыгы 2,60–2,62 *г/см*^{3}, көзөноктүүлүгү – 1,5–2,8%, суу сиңирүүсү – 0,3–4%, үстүнөн басылгандагы бектигинин чеги (кургак абалда) 110–120 *МПа*, суугa каныккан абалда 105–115 *МПа*, суукка тондуруунун 35 циклинен кийин 100–110 *МПа*, жешилүүсү – 0,57–0,5 *г/см*^{2}. Гранит имараттардын ички ж-а тышкы дубалдарын каптоого жарамдуу, оңой сайкалданат. Жылмаланган бети күзгүдөй жаркырап, ага оюу-чийүү түшүрүүгө болот. Блоктордун чыгышы 32,2%, калындыгы 70 *мм* болгон такталардын чыгышы – 8,1 *м*^{2}/*м*^{3}, лабор. шартта кескенде калындыгы 10 *мм* болгон такталардын чыгышы 31,3 *м*^{2}/*м*^{3}, калындыгы 20 *мм* болгондо – 24 *м*^{2}/*м*^{3}. Граниттин запасы В категориясы б-ча 1689 миң *м*^{3}, C_1 – 3057 миң *м*^{3}.

КЫРТЫШ (грунт), т о п у р а к к ы р т ы ш ы – тоо тектердин турмуш-тиричиликке, курулуш иштерине керектүү майда талкаланган комплекси. Магмалык, чокмо, метаморфизм тектеринин өтө майда болүкчөлөрүнөн турат. Жер бетинин эң үстүнкү болүгүн ээлейт. Негизги курулуш материалы болуп эсептелет. Бек, ык ж-а борпоң болот.

КЫРТЫШ БАСЫМЫ – кыртыштын астына ж-а айланасына, курулуштарга тийгизген басым; тоо тектердин оордук күчүнүн, салмагынын таасири. Эл аралык система б-ча Паскаль (*МПа* же *КПа*) м-н өлчөнөт. Кээде *кг/см*^{2} колдонулат.

КЫРТЫШ МЕХАНИКАСЫ – топурак кыртышынын бекемдиги, бышыктыгы, ар кандай күчтөргө туруктуулугу ж-а деформацияланышы. Жалаң эле топурак кыртышына таандык болбостон, бекем, ык, бышык келген тоо тектерге, аска-зоокаларга да тиешелүү.

КЫРТЫШ СУУЛАРЫ – жер астындагы суулар. Кыртыштын арасынан орун алып, суу өткөрбөс катмардын үстүндө жатат. Жаан, агын суулар, көл, саз суулары-нан пайда болот. Өлчөмү жаанчачынга байланыштуу. Дайыма өзгөрүп турат. Кургакчылыкта деңгээли төмөн түшүп, жаандуу күндөрдө көтөрүлөт, курамы, өлчөмү, температурасы өзгөрөт. Нымдуу климатта хлориддер, сульфаттар эрип, кыртышка сиңет. Кургакчылыкта суу буугa айланып, шор пайда болот. Тереңдикте суу көбөйөт, салмагы артат, басымы жогорулайт. Бул көрүнүш климаттык шартка байланыштуу. Элди суу м-н камсыз кылууда, сугат тармактарында кеңири колдонулат.

КЫРТЫШ СУУЛАРЫНЫН ДЕҢГЭЭЛИ – кыртыш сууларынын бети, үстүнкү чеги. Суугa каныккан зона м-н аэрация зонасын бөлүп турган сызык. Бул деңгээл планда же картада гидроизогипс сызыгы м-н көрсөтүлөт. Бирок К. с. д. климаттык шартка жараша өзгөрүп турат.

КЫРТЫШ ТААНУУ – кыртыш (грунт) ж-дөгү илим; *инженердик геология* илиминин бир тармагы. Кыртыштын пайда болушун, орун алышын, түзүлүшүн, өзгөрүшүн, курамын, физ. касиеттерин (чөгүшү, көбүшү, басымы, темп-расы, механикасы, массасы, көлөмү, тыгыздыгы, көзөноктүүлүгү, ийилиши, чоюлушу, суу өткөргүчтүгү, жылмышуусу, тайышы, орун которушу, кыймыл-аракети, каршылык көрсөтүшү, электр тогун өткөрүшү, бекемдиги, ныктыгы) изилдейт.

КЫРТЫШТЫН ИНЖЕНЕРДИК-ГЕОЛОГИЯЛЫК КЛАССИФИКАЦИЯСЫ – топурак кыртышынын ж-а бардык тоо тектердин инж.-геол. жиктелиши. Жалпы, региондук, тармактык, жекече түрлөргө бөлүнөт. 1957-жылдагы жиктелиши б-ча м о н о л и т т ү ү (аска-зоокалуу) ж-а к е с е к т а л к а л а н г а н б о л у ч ө деген түрлөрдөн турат. Монолит – бек, ык, бышык, бузулбаган, талкаланбаган тектер. Кристаллдык же камдашкан түзүлүшкө ээ. Талкаланган тектер борпоң, көзөноктөлүү, байланыштары жок. Магмалык (гранит, диорит, базальт), метаморфизмделген (гнейс, кварцит, мрамор), кээ бир чокмо тектер (кумдук, конгломерат ж. б.) монолиттүү түзүлүшкө ээ. Талкаланган тектерге шагыл, кум, чопо кирет. Ар кандай белгилерине жараша мындай классификация өз ичинен бир нече топторго ж-а түрлөрө бөлүнөт.

КЫРТЫШТЫН КӨӨП ЧЫГУУ БАСЫМЫ – чополуу кыртышка суу сиңе баштаганда, анын көптүрбөй, мурдагы көлөмүн сактоодон келип чыккан басым. Атайын курал м-н өлчөнөт. Көпчүлүк кыртыштын басымы 0,025 *МПа* болот. Күчтүү көөп чыкканда 0,25 *МПа*га жетет. Көөп чыгуу курулушка зыян.

КЫРТЫШТЫН КӨӨП ЧЫГУУ ДЕФОРМАЦИЯСЫ – чополуу кыртыштын суу сиңе баштаганда көөп кетиши. Кыртыштын курамына, түзүлүшүнө, басымына байланыштуу. Жогорку дисперстүү, кристаллдык торчолору чоюлуучу жөндөмдүү минералдарда (монтмориллонит, нонтронит), бир валенттүү иондор (Na^+, Li^+, K^+) басымдуулук кылса көөп чыгат. Кыртыштын түспөлү өзгөрөт.

КЫРТЫШТЫН СУУ РЕЖИМИ – топурак кыртышынын нымдуулугу, суу сиңириши, суунун кыртыштагы кыймыл-аракети, чыгымдалышы, өсүмдүктөргө сиңиши. Мында топурак кыртышынын пайда болушу ж-а түшүм берүү жөндөмдүүлүгү негизги факторлордон болуп саналат. Нымдуулук атм. жаан-чачынга, кыртыш суусунун тереңдигине, аз-көбүнө, тоо тектеринин мех. курамына байланыштуу. Кыртыш канчалык борпоң ж-а майда көзөноктөлүү болсо, ошончолук ным көп болот. Чополуу кыртышта ным капилляр көзөноктөлөрү аркылуу өтө жай кыймыл-аракетке келип, 4 *м* бийиктикке көтөрүлөт. Борпоң кыртышта ным бийик көтөрүлбөй, кыртышка тез тарап кетет. Суу кыртыштын курамында суюк, буу, муз, ным түрүндө жолугат. Жабышкак, бош, эркин абалда болот. Бош суу оордук күчүнүн таасири астында кыймыл-аракетке келет, агат, сиңет. Топурак кыртышындагы нымдын сакталышы айдап себүүгө, сугарууга, структурасын өзгөртүүгө, кыртыштын курамына, түзүлүшүнө, физ. касиеттерине, климаттык шартка, аба ырайына, өсүмдүктөрдүн түрлөрүнө байланыштуу болот.

КЫРТЫШТЫН ЧӨГҮП КЕТИШИ – нымдалган кыртыштын көлөмүнүн кичирейиши, басырылышы, ныкталышы. Өз ичинен салыштырмалуу чөгүүдөн ж-а чөгүү башталган басымдан турат. Кыртыш нымдалганда салмагынын, оордук күчүнүн таасиринен басырылышы, ныгырылышы чөгүү башталган басым деп, ал эми нымдалган кыртыштын көлөмүнүн кичирейиши салыштырмалуу чөгүү деп аталат. Курулуш иштеринде 0,3 *МПа* (3,0 *кг/см*^{2}) барабар болгон басым кабыл алынат. Жаратылышта кыртыштын чөгүп кетиши 2 типтен турат. 1-типте чөгүп кетүү 5 *см*ден ашпайт. 2-типте 5 *см*ден көп болот. 2-тип кездешкен кыртышта курулуш куруу иштери өзгөчө эреже м-н жүргүзүлөт.

КЫРЧОО – боз үйдү айлануучу курчан, тартылган аркан. Кылдуу жүндөн үч болок эшилип чыйратылат. Эки учу бөөгө тамкты бастыра керегенин ич жагына байланат. К. туурдукту шамалга желпилетпей тактайт. К-го үзүктүн, түндүк жабуунун боолору байланат.

КЫРЧЫН – Күнгөй Ала-Тоонун түш. капталындагы тектон. чуңкурчаа; Кичи Ак-Суунун ортонку агымындагы көз жер. Ысык-Көлдөн 13–15 *км* аралыкта, деңиз деңг. 2000–2300 *м* бийикте (Көлдөн 400–800 *м* бийик) жайгашкан. Уз. 7–9 *км*, туурасы 2–3,5 *км*. Түндүгү ж-а түштүгү тик капталдуу, батыш. Кок-Бел ж-а Бел-Булак мойноктору, чыгышы Үч-Күнгөй, Кок-Дөбө м-н чектешет. Тектон. көтөрүлүүнүн натыйжасында Ак-Суу өрөөнүнөн бөлүнүп калган чуңкурчак. Ооз жагы кууш, ичи кеңейип, тектирлүү. Эң үстүнкү тектирче суу нугунан 600–700 *м* бийикте жатат. Неоген, антропоген мезгилдеринде пайда болгон чокмолордон турат. Климаты континенттик, январдын орт. температурасы –4...–6°С, июлдуку 15–20°С. Жылдык жаанчачыны 350–500 *мм*. Чыгыш капталын Ак-Суу

сайынан баштап четин, шилби, ыргай аралаш чытырман карагай токою ээлейт, калың шалбаа өсөт. Желе-Карагай суусунан чыгыш тарапта арча басымдуу келип, шибер бетегелүү. К. – тунук суулуу, түркүн өсүмдүктөргө бай, өзгөчө кооз жер. Мында Ысык-Көл р-нунун малчылар майрамы өткөрүлүп турат. Туристтик база бар. К. аркылуу Сүттүү-Булак (3200 *м*), Желе-Карагай (4200 *м*), Кууганды-Тор (3890 *м*) ж-а Ак-Суу (4150 *м*) ашууларына баруучу туристтик жолдор өтөт.

Ад.: *Умурзаков С. У., Кешикбаев А. А., Махлина Л. И. и др.* Словарь географических названий Кыргызской ССР. Ф., 1988; Кыргыз жергеси. Ф., 1990.

«КЫРЧЫН» (1992-ж. чейин «Жаш Ленинчи») – көркөм-адабий балдар журналы. 1952-жылдан баштап чыга баштаган. Биринчи башкы редактору М. *Жангазиев* болгон. Журналдын максаты – балдар чыгармачылыгына басым жасоо. О. эле балдардын ден соолугуна, эстетикалык табитине, социалдык абалына көңүл бурулат. Совет доорунда журналдын тиражы 80 миңге чейин жетип турган. Учурда 3000–5000 нускада чыгат. Башкы редактору – Т. Нурманбетов.

КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР – толук маанилүү сөздөрдүн кыскартылып берилиши, к. *Аббревиатура.*

КЫСКАЧА КӨБӨЙТҮҮНҮН ФОРМУЛАЛАРЫ – көп мүчөлөрдү көбөйтүүнүн айрым учурларын көрсөткөн формула. Алар кыскача көбөйтүүнүн тендештиктери деп аталат. 1) $(a\pm b)^2=a^2\pm2ab+b^2$ (эки туюнтманын суммасынын же айырмасынын квадраты); 2) $(a\pm b)^3=a^3\pm3a^2b+3ab^2+b^3$ (эки туюнтманын суммасынын же айырмасынын кубу); 3) $a^2-b^2=(a-b)(a+b)$ *(квадраттардын айырмасы);* 4) $a^3\pm b^3=(a\pm b)(a^2+ab+b^2)$ (*кубдардын суммасы же айырмасы*); 5) $(a+b+c+\ldots+k)^2=a^2+b^2+c^2+\ldots+k^2+2ab+2ac+\ldots+2ak+2bc+\ldots+2fk$ ж. б.

КЫСКЫЧ – сом темирди же тетиктерди иштетүүдө же жыйноодо тиштетилип бекитилүүчү курал. Ал тулкудан, кыймылсыз ж-а кыймылдуу тиштегичтен турат. К. кол м-н иштетилме, слесардык (верстакка орнотулган), устачылык (ото тактыкты талап кылбаган иштер үчүн), машиналык (станоктун столуна орнотулат) болуп айырмаланат. О. эле пневматикалык ж-а гидравл. кыймылга келтиргичтүү болушу да мүмкүн.

КЫССА – Чыгыш ад-тындагы эпикалык жанрга кирүүчү кара соз түрүндогу коломдүү чыгарма. Ага уламыштар, икаялар, риваяттар, оозеки ж-а жазма тарыхый баяндар кирген. Кийин бул термин кандайдыр бир даражада повесть деген аталма м-н алмашты.

«КЫССА-И-СЕМЕТЕЙ БУ ТУРУР» («Бу Семетей ж-дөгү дастан») – «Семетей» эпосу тууралуу кол жазма. Эпос 2 бөлүктөн турат ж-а араб тамгасы м-н көркөмдөлүп жазылган. Анын түп нускасын Талас өрөөнүнүн Кең-Арал айлынын жашоочусу Жунуш Молдодон ад-тчы Ш. Үмөталиев алып, 1957-ж. Кыргыз ССР ИАнын Кол жазмалар фондусуна өткөргөн. Айрым маалыматтар б-ча 19-к-да Балыкооздон жазып алган Токтогазы Жусупбек уулу (1864–1933) таластык Жанаалы деген карыяга берген. 1972-ж. проф. С. Кудайбергенов ал кол жазманын түп нускасын сүротко түшүрүп, көчүрмөсүн УИАнын Кол жазмалар фондусуна өткөргөн. Кол жазма 6120 ыр сабынан (117 бет) туруп, майда тамгалар м-н ар бир барактын бетине үч катардан жыш жазылган. Бул кол жазма лирикалык романтикалуу багыттагы дастан ж-а кыргыздардын совет дооруна чейинки жазма тарыхын үйрөнүү үчүн баалуу булактардын бири.

КЫСЫК – деңиз же көлдөрдү бири-бирине туташтырып туруучу көл, деңиздердеги булуңдарды негизги суу алабынан бөлүп турган салыштырмалуу ичке суу мейкиндиги. Дүйнөдөгү эң узун кысык – Мозамбик (уз. 1760 *км*ге жетет), эң жазы кысык – Дрейк (1120 *км*).

КЫСЫМ (напор) г и д р а в л и к а д а – берилген чекитте суюктук агымынын салыштырма (салмак бирдигине туура келген) мех. энергиясын туюнтуучу сызыктуу чондук. Агымдын салыштырма энергиясынын запасы (толук К-ы) Бернулли тендемеси м-н аныкталат: $H=z+Pv/\gamma+v^2/2g$, мында z – эсептоо тегиздигинен каралуучу чекитке чейинки бийиктик, *v* – ылдамдыкта аккан суюктук басымы, γ – суюктуктун салыштырма салмагы, g – эркин түшүүнүн ылдамдануусу. Биринчи эки кошулуучу абалдын (z) салыштырма потенциалдык энергиясы менен басымдын (Pv/γ) суммасын аныктайт. Бул салыштырма потенциалдык энергиянын толук көрүнүшү болуп эсептелет ж-а гидростатистикалык К. деп аталат, ал эми үчүнчү кошулуучу – салыштырма кинетикалык энергиянын туюнтуп ылдамдатылган К. деп аталат. Агымды бойлото К. азаят. Түтүк аркылуу аккан илээшкек суюктук учурунда коромжуланган К. Дарси-Вейсбах формуласы м-н чыгарылат.

КЫСЫР АҢЫЗ – бир же андан көп жыл айдалбаган бош жер. Айрым учурда жер 10 жылдан ашык айдалбай бош калтырылат. Ал жер чөп чабынды, жайыт катары пайдаланылат.

КЫСЫР КАЛУУ – тубар малдын толдобой калышы. К. к-нун негизги себептери: *колдон уруктандыруунун* уюштурууда ж-а жүргүзүүдө кетирилген кемчиликтер (урук алууда вет.-санит. эрежелердин сакталбашы, колдон уруктандыруунун туура эмес жүргүзүлүшү, куут планынын жоктугу, кысыр малды оз убагында куутка коштоо ж. б.); малдын толдоо жондомдүүлүгүнүн бузулушу (туура тоюттандырбоо, ыландоо, малдын карышы ж-а уругунун тол алууга тубаса жарамсыздыгы ж. б.).

КЫТАЕВ Насыр (июнь, 1917, Чүй өрөөнү, азыркы Аламүдүн р-ну, Кой-Таш кыш. – 6. 8. 1999, ошол эле жер) – Кыргыз ССР эл арт. (1967). Фрунзедеги муз. окуу жайында окуган (1932). Москвадагы А. Луначарский атн. театр ин-тунун актёрдук ф-тин В. А. Орловдон таалим алып бүтүргөн (1941). Кыргыз мамл. драма театрында 43 жыл иштеп, 150дөн ашык роль аткарган. Улуттук театр иск-восунун өнүгүшүндө чоң салым кошкон. К-ге образдардын коомдук ордун так ачып берүү мүнөздүү. Негизгилери: Лир, Кассио (У. Шекспир, «Король Лир», «Отелло»), Фердинанд (И. Шиллер, «Жүзү каралык жана сүйүү»), Осип (Н. Гоголь, «Текшерүүчү»), Паратов, Любим Тарцов (А. Островский, «Сепсиз кыз», «Кедейлик кемтик эмес»), Олег Кошевой (А. Фадеев, «Жаш гвардия»), Курманбек, Камалбек апенди (К. Жантөшев, «Курманбек», «Каныбек»), Үмөталы (А. Токомбаев, «Өлбостүн үрөнү»), Бабажан корбашы (К. Маликов, «Бийик жерде»), Нияз, Сабыр, Сайдыркул, Катаган (Т. Абдумомунов, «Абийир кечирбейт», «Тар капчыгай», «Атабектин кызы», «Сүйүү жана үмүт»), Болот (А. Көбөгөнов, «Болот менен Тынар»), ж. б. Операда: Учей-Фунун (Ж. Турусбеков, «Ажал ордуна»), Кошойдун (А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере, «Манас»), Кузнецовдун (Ж. Боконбаев, «Алтын кыз») ж. б. партияларын аткарган. К. киного да тартылган («Салтанат», «Биринчи мугалим», «Саманчынын жолу», «Каныбек», «Токтогул», «Жоро», «Кочо» ж. б.). Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ад.: *Львов Н.* Киргизский театр. М., 1953; *Брудный Д.* Театральное искусство Киргизии. М., 1959.





Н. Кытаев – Курманбек, К. Жантошевдин «Курманбек» спектакли.

КЫТАЙ (кытайча – Чжунго; кыргыздар Жунго дешет, сезмо-сөз – Ортонку мамлекет), К ы т а й Э л Р е с п у б л и к а с ы (КЭР; кытайча Чжунхуа жэньминь гунхэго) – Борб. ж-а Чыгыш Азиядагы мамлекет. Чыгышынан ж-а түш.-чыгышынан Тынч океандын Сары, Чыгыш Кытай ж-а Түш. Кытай деңиздери (жээк сызыгынын уз. 18 миң *км*ден ашуун) м-н чулганат; жээктей коптогон аралдар жайгашкан; алардын ирилери: Тайвань, Хайнань. Кургоктук м-н өткөн чек арасынын уз. 22,8 миң *км*. Түн.-чыгышынан КЭДР ж-а Россия, түндүгүнөн Монголия, түн.-батышынан Россия, Казакстан ж-а Кырг-н, батышынан Тажикстан, Афганстан, о. эле Пакистан, түш.-батышынан ж-а түштүгүнөн Индия, Непал ж-а Бутан, түш.-чыгышынан Мьянма, Лаос, Вьетнам м-н чектешет. Аянты 9,6 млн $км^2$ (дүйнөдө Россия ж-а Канададан кийинки 3-орунда). Калкы 1,3 млрддан ашык (2009, дүйнөдө 1-орунда). Борбору – Пекин. Расмий тили – кытай тили.

Кол өрөөндөрүндө жашап, майда топтору Тянь-Шанда да кездешет. Оозеки санжырага байланыштуу К. уруусунун аталышы ушул урууга негиз салган адам же анын ылакап атынан калган деп түшүнүүгө болот. Бирок казак, өзбек, каракалпак, башкырлардын курамында дагы К. уруулары кездешет, ошондуктан ил. негизде алардын этностук түбү о. кылымдагы кара кытайлар (кидан) м-н байланышы бар болушу мүмкүн деген да көз караштар бар. Этнограф С. Абрамзон К-дын ичиндеги кыйранын курамында кара кытай уругу бар экенин эскертет ж-а төмөн тамга тобунун биринде төрдөш деген урукту байыркы түрктөрдүн тардуш уруусуна салыштырат. «Мажму ат-Таварихте» Куу уулдун 6 уулу болуп, анын бири Сунжек Кытай баатыр (Хытай-бахадур) экени айтылат. Генеол. уламыштар б-ча К-дын Байтике, Буудай ж-а Богожу деген уулдары болгон. Байтикенин Токтогор деген баласынын тукуму 16, Кыйра деген уулунун тукуму 12 урукка тарап, булар жалпы жогору тамга, Буудайдын балдары 8 топтон туруп, төмөн тамга, ал эми Богожунун тукуму өз аты м-н аталып калган.

Ад.: *Абрамзон С. М.* Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б., 1999; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 1. Б., 2003.

Р. Жолдошов.



КЫТАЙ (кытайча – Чжунго; кыргыздар Жунго дешет, сезмо-сөз – Ортонку мамлекет), К ы т а й Э л Р е с п у б л и к а с ы (КЭР; кытайча Чжунхуа жэньминь гунхэго) – Борб. ж-а Чыгыш Азиядагы мамлекет. Чыгышынан ж-а түш.-чыгышынан Тынч океандын Сары, Чыгыш Кытай ж-а Түш. Кытай деңиздери (жээк сызыгынын уз. 18 миң *км*ден ашуун) м-н чулганат; жээктей коптогон аралдар жайгашкан; алардын ирилери: Тайвань, Хайнань. Кургоктук м-н өткөн чек арасынын уз. 22,8 миң *км*. Түн.-чыгышынан КЭДР ж-а Россия, түндүгүнөн Монголия, түн.-батышынан Россия, Казакстан ж-а Кырг-н, батышынан Тажикстан, Афганстан, о. эле Пакистан, түш.-батышынан ж-а түштүгүнөн Индия, Непал ж-а Бутан, түш.-чыгышынан Мьянма, Лаос, Вьетнам м-н чектешет. Аянты 9,6 млн $км^2$ (дүйнөдө Россия ж-а Канададан кийинки 3-орунда). Калкы 1,3 млрддан ашык (2009, дүйнөдө 1-орунда). Борбору – Пекин. Расмий тили – кытай тили.

КЫТАЙ



Адм.-айм. жактан 23 провинцияга, 5 автономия районго, 4 борборго баш ийген шаарга (четжакасындагы ири шаарлар м-н кошо, аны курчаган зор аянтты камтыйт), 2 өзгөчө адм. районго бөлүнөт (к. таблицаны).

К. – БУУнун (1945), ЭВФтин (1945), Эл аралык реконструкция ж-а өнүгүү банкынын (1945), Азия-Тынч океан экон. шериктештигинин (1991), Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун (2001), Шанхай кызматташтык уюмунун (2001) мүчөсү.

Административдик-аймактык бирдиктери (2007)

	Аянты, миң км²	Калкы, млн	Адм. борбору
Провинциялары			
Аньхой	139,0	61,18	Хэфэй
Ганьсу	450,0	26,17	Ланчжоу
Гирин (Цзилинь)	187,0	27,30	Чанчунь
Гуэндун	186,0	94,49	Гуанчжоу (Кантон)
Гуйчжоу	170,0	37,62	Гуйян
Ляонин	145,7	42,98	Шэньян (Мукден)
Сычуань	488,0	81,27	Чэнду
Фуцзянь	120,0	35,81	Фучжоу
Хайнань	34,0	8,45	Хайкоу
Хубэй	187,4	56,99	Ухань
Хунань	210,0	63,55	Чанша
Хэбэй	190,0	69,43	Шицзячжуан
Хэйлунцзян	469,0	38,24	Харбин
Хэнань	167,0	93,60	Чжэнчжоу
Цзянси	166,6	43,66	Нанчан
Цзянсу	102,6	76,25	Нанкин
Цинхай	720,0	5,52	Синин
Чжэцзян	101,8	50,60	Ханчжоу
Шаньдун	153,0	93,67	Цзинань
Шаньси	156,0	33,93	Тайюань
Шэньси	205,0	37,42	Сиань
Юньнань	394,0	45,14	Куньмин
Тайвань**	36,0	22,96	Тайбэй
Автономия райондору			
Гуанси-Чжуан	236,7	47,68	Наньнин
Ички Монголия	1183,0	24,5	Хух-Хото
Нинся-Хуэй	62,8	6,10	Иньчуань
Синьцзян-Уйгур	1655,8	20,95	Үрүмчү
Тибет	1202,3	2,95	Лхаса
Борборго баш ийген шаарлары			
Пекин	16,8	16,33	
Тяньцзинь	11,3	11,15	
Чунцин	82,3	28,16	
Шанхай	6,3	18,58	
Өзгөчө административдик райондору			
Аомынь (Макао)**	24,0	0,53	
Сянган (Гонконг)**	1,1	6,93	

* Булагы: China statistical yearbook 2007. Beijing. 2007.
**Башка булактар боюнча.

Мамлекеттик түзүлүшү. К – унитардык мамлекет. Конституциясы 1982-ж. 4-декабрда кабыл алынган. Башкаруу формасы – сов. типтеги респ. Мамл. бийликтин жогорку органы – Эл өкүлдөрүнүн бүткүл кытайлык чогулушу (ЭӨБКЧ), 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Чогулуштун сессиялары жылына бир жолу чакырылат, сессиялардын аралыгында мыйзам чыгаруу укугуна ээ болгон туруктуу к-т (155 депутат) иштейт. ЭӨБКЧ – мыйзам чыгаруучу жогорку орган, мамл. бюджет ж-а экон. өнүгүү пландарын ишке ашырат. ЭӨБКЧ мамлекет башчысын – КЭРдин төрагасын (ыйгарым укугу 5 жыл, дагы бир мөөнөткө кайра шайлануу-га укуктуу) ж-а анын орун басарларын ж. б. дайындап, КЭРдин аткаруучу жогорку органы – Мамл. кеңештин (өкмөт) курамын бекитет. Мамл. кеңеш – ЭӨБКЧнын аткаруучу ж-а мамл. жогорку адм. органы, ага бардык мамл. башкаруу органдары баш иет. КЭРдин Мамл. кеңеши мыйзам чегинде нормативдүү актыларды кабыл алуу укугуна ээ. КЭРдин бийлик органдарына Кытай Коммунисттик партиясы (ККП) жетекчилик кылат. ККП өкүлдүк органдары аркылуу мыйзам чыгаруу ж. б. чөйрөлөрдө өзүнүн саясатын жүргүзөт. КЭРде көп партиялуу система орун алган. ККПден тышкары 8 саясий партия (жалпы саны 600 миңдей) бар.

Табияты. Жээги булуң-буйткалуу; чыгыш жээгинде Ляодун, Шаньдун, түштүгүндө Лэйчжоубаньдао сыяктуу жарым аралдар бар. Түштүгүнө ж-а түш.-чыгышына түздүктүү ж-а дельталуу жээктер мүнөздүү. Бийиктик амплитудасы –155 *м*ден (*Турпан ойдуңу*) 8848 *м*ге чейин (Непал м-н чек арасындагы – Жомолунгма чокусу – Жер шарынын эң бийик жери). К-да субмеридиан багытында жаткан бир нече ири аймак өзгөчөлөнүп турат: Түн.-Чыгыш тоолуу өлкөсү; Чыгыш К. тоолуу өлкөсү; Циньлин–Юньнань тоолуу өлкөсү; Түн. К. платолору ж-а тоолору; Түн.-Батыш тоолуу өлкөсү ж-а *Тибет тайпак тоосу*. Түн.-Чыгыш тоолуу өлкөсү – Чоң ж-а Кичи Хинган кырка тоолорун, Ляоси тайпак тоосун, Манжур-Корей тоолорун камтыйт. К-дын түн.-чыгыш четинде Ортонку Амур ойдуңу, анын түш.-батышында тоо аралык ири түздүк – Сунляо жайгашкан. Чыгыш К. аккумуляциялык түздүктөр облусу – *Улуу Кытай түздүгүн* ж-а анын түштүгүндөгү Янцзынын ортонку ж-а төмөнкү агымдарын ээлеген ойдуңдарды (бийикт. 200 *м*ге чейин) камтыйт. Түш.-Чыгыш тоолуу өлкөсүнө К-дын түш.-чыгыш бөлүгүндө Янцзы д-нын төмөнкү агымынан Бакбо (Тонкин) булуңуна чейин жээктей созулуп жаткан *Наньлин*, Уишань ж. б. тоолор кирет. Мында жапыз ж-а орто бийик тоо массивдери тоо аралык ойдуңдар м-н кезектешип жатат; эрозиялык тилмеленүү, батыш бөлүгүнө рельефтин карсттык формалары мүнөздүү; кырка тоолору



Тибет тайпак тоосу.

бири-биринен тектирленген жазы өрөөндөр м-н бөлүнгөн. Өлкөнүн түш. четинде Сицзян, Бейцзян ж-а Дунцзян д-нын дельталары пайда кылган түздүктөр жайгашкан. Циньлин-Юньнань тоолуу өлкөсү Тибет тайпак тоосунун чыгыш чети м-н К-дын түш. чек арасына чейин жазы тилке болуп созулуп жатат. Ага *Циньлин, Юньнань-Гуйчжоу тайпак тоосу, Сычуань ойдуңу* кирет. Түн. К-дын платолору ж-а тоолору (бийикт. 500–2000 *м*) Шаньси тайпак тоосун ж-а анын чыгыш уландысы – Тайханшань кырка тоосун, *Лёсстуу платону*, Ордос платосун, Иньшань тоолорун камтыйт. Ордос, Лёсстуу платолорунан батышта, Куньлунь, Наньшань тоолорунан түндүктө Түн.-Батыш тоолуу өлкөсү жайгашып, рельефинде бийикт. 3000–5000 *м* болгон кырка тоолор (Монгол Алтайы, Чыгыш Тенир-Тоо тармактары) тоо аралык ири ойдуңдар (орт. бийикт. 900–1300 *м; Жонгор түздүгү*, Тарим ойдуңу, Турпан ойдуңу) м-н кезектешип жатат. К-дын түш.-батышында зор Тибет тайпак тоосу жайгашкан; анын чет-жакаларында бийик (600 *м*ден жогору) ж-а узун тоо тармактары (*Гималай, Кара-Корум, Куньлунь, Наньшань, Сина-Тибет тоолору*) созулуп жатат.

К-дын аймагы тектон. жактан кембрийге чейинки платформа блокторунан (Кытай-Корей, Түш. Кытай, Тарим платформалары) ж-а аларды бөлүп турган бүктөлүү структураларынан турат. Бүктөлүү структуралары Урал – Охота, Альп – Гималай ж-а Батыш Тынч океан кыймылдуу зоналарына кирет. Магнитудасы 8,6га чейинки жер титирөөлөр болуп турат; акыркы (магнитудасы 7,9га жеткен) катуу жер титирөө 2008-ж. 12-майда Сычуань ойдуңунун түн.-батыш чет жакасында болуп, анда 68 миң адам өлгөн. К-дын аймагы түрдүү кендерге бай; таш көмүрдүн, вольфрамдын, молибден-калайдын, сурьманын, сейрек жер элементтеринин, бариттин запасы б-ча К. дүйнөдө 1-орунду ээлейт. О. эле темир, марганец, алюминий, жез, никель, цинк, коргошун, сымап, алтын, платина, фосфорит, күрөң көмүрдүн да запасы мол. К-дын аймагында (о. эле шельфтеринде да) нефтинин

дүйнөлүк запасынын 2% и, табигый күйүүчү газдын 0,8% и топтолгон.

К-дын аймагы климаттык 3 алкакта – мелүүн (Хуайхэ д. – Циньлин кырка тоосу сызыгынан түндүктү карай), суптропиктик ж-а тропиктик (Сицзян д-нан түштүктү карай) алкактарда жайгашкан. Кышында К-дын климатына *Азия антициклону* да таасирин тийгизет. Мелүүн алкакта континенттик (Түн. К-дын тоолору ж-а платолору; Түн.-Батыш К.) ж-а муссондук (Түн.-Чыгыш тоолуу өлкө, Улуу Кытай түздүгүнүн түн. бөлүгү) климат өзгөчөлөнүп турат; анда жылдык орт. темп-ра –5°Сден (Үрүмчүдө) 14°Сге чейин (Шаньдун ж. а-нда). Жылдык темп-ралык амплитуда өтө жогору (Турпан ойдуңунда 70°Сге чейин). Кышы узакка созулат, катуу суук ж-а шамал болуп турат, кар аз жаайт (түндүгүндө ж-а түн.-батышында кар дээрлик түшпөйт); январдын орт. темп-расы түн.-чыгышында – 16°Сден 25°Сге чейин, Чыгыш К-да – 6°Сден 4°Сге чейин. Эң суук жери –40°С, өлкөнүн түн.-чыгышында катталган. Жайы ысык, июлдун орт. темп-расы 20–26°С, Турпан ойдуңунда 37°Сге чейин. Жайында циклондук аракеттер үстөмдүк кылып, түн.-чыгышына жаан-чачынды мол алып келет, батышында жаан-чачын дээрлик жаабайт; жылдык жаан-чачындын орт. өлчөмү Тарим ойдуңунда 90 *мм*ден аз; анын өлчөмү улам чыгышты карай акырындап көбөйүп, Ички Монголиянын чыгышында 400–500 *мм*ден жээк аймактарында 850 *мм*ге чейин жетет. Субтропиктик алкакка муссондук ж-а бийик тоо климаты мүнөздүү. Муссондук климатта сезондуулук даана байкалат; кышы кургакчыл суук, жайы ысык, нымдуу, жаз ж-а күз мезгилдери узагыраак созулат. Январдын орт. темп-расы нөлдөн 8°Сге чейин, июлдуку 26–31°С. Жайында жаан-чачын арбын түшөт. Жаан-чачындын жылдык орт. өлчөмү жээк аймактарында 1500 *мм*, Юньнан-Гуйчжоу тайпак тоосунда 850 *мм*. Климаттын зоналуулугун Тибет тайпак тоосу кыйла бузат. Тайпак тоонун түн. ж-а борб. бөлүктөрүндө январдын орт. темп-расы –20°Сден –25°Сге чейин, июлдуку 6–7°С, чыгыш бөлүгүндө жогорку тартипте –8°С ж-а 12–14°С. Темп-ранын суткалык өзгөрүүсү өтө жогору (30°Сден ашык). Жылдык орт. жаан-чачыны чыгыш бөлүгүндө 250–750 *мм*, батыш бөлүгүндө 100–200 *мм* ж-а андан аз. Тропиктик климаттык алкак Сицзян д-нан түштүктү, Түн. Кытай деңизинин жээгин 25° түн. кеңдикке чейин, о. эле Тайвань, Хайнань а-н камтыйт. Январдын орт. темп-расы 20–22°С, июлдуку 32°С. Жаан-чачындын жылдык орт. өлчөмү Тайвань а-нда 2460 *мм*, Түш. К-дын материктик бөлүгүндө 1680 *мм*. Өтмө сезондо тайфун болуп турат.

Кар чегинин бийиктиги 4460–4600 *м*ден (Тибеттик батыш ж-а чыгыш чет-жакаларында) 6200 *м* бийиктикке чейин (Тибеттин борб. бөлүгүндө). Азыркы мөңгүлөрүнүн жалпы аянты 84 миң *км*² чамасында. Ири мөңгүлөрү Кара-Корум, Куньлунь, Наньшань, Чыгыш Теңир-Тоо, Моңгол Алтайы тоолорунда.

Өлкө суу ресурстарына бай; аймагынын басымдуу бөлүгү Тынч океандын (негизгилери: *Янцзы, Хуанхэ, Хуайхэ, Сицзян, Ляохэ, Амур*), $^1/_3$инен ашыгы ички алапка (Тарим, Кашкар, Яркен), Тибет тайпак тоосунун түштүгүнөн башталгандар (*Меконг, Инд, Брахмапутра, Салуин*) Инди океанынын, түн-батыш чет-жакасыныкы Түн. Муз океандын алаптарына кирет. Бетинин аянты 1 *км*²ден ашкан 2800дөн ашык көлү бар. Тузсуз көлдөрдүн ичинен эң чоңдору – жайылма тибиндеги көлдөр (Дунтинху, Поянху, Тайху), эң терең көлү – Тяньчи (373 *м;* жанартоодон пайда болгон). Туздуу ири көлдөрү: *Кукунор, Лобнор, Нам-Цо*. Муссондук мол жаан-чачындан кийин дарыялардын суусу кирип, алаамат ташкындагандыктан, алардын суу агымын жөнгө салып туруу үчүн көбүнүн нугуна дамба, гидротех. курулмалар ж-а суу сактагычтар (Хуанхэ, Хуайхэ, Янцзы д-нын алаптарына) курулган (мис., Улуу канал). Жер астындагы суунун запасы 900 млрд *м*² чамасында.

Лёстуу платолору ж-а аллювий түздүктөрү 5 миң жылдан ашууа дыйканчылыкта пайдаланылгандыктан, табигый топурак кыртышы дээрлик калган эмес, аларда азыр маданий топурактар басымдуулук кылат. Табигый топурак кыртышынын таралуусуна кендик-зоналуулук, о. эле бийиктик алкактуулук закон чекеми мүнөздүү. К-дын аймагынын мелүүн алкагында кеңирн таралган топурак типтери: токойдун коңур (а. н. күлдөшкөнү да бар), иллювий-темирлүү, сары-коңур, кара сымал шалбаа (кетү), жетиштүү кара ж-а күрөң, мелүүн ж-а субтропик алкактарынын чегинде – шалбаалуу күрөң, субтропиктерде – аллювий ж-а күрүч топурактары, бозомук-күрөң, боз, чөл-талааларда көнүр, каштан, тропиктерде – кызыл ж-а сары топурактар ж. б.

К-дын өсүмдүктөрү жалпы эки бөлүккө – кургакчыл батышка ж-а нымдуу чыгышка бөлүнөт. Алардын ортосундагы чек болжол м-н – Тайханшань – Циньлин – Сина-Тибет кырка тоолору аркылуу өтөт. Нымдуулук жетишпеген батыш бөлүгүндө – чөл, жарым чөл ж-а талаа, нымдуу чыгыш бөлүгүндө, жергиликтүү өсүмдүк курамында – токой, токойлуу талаа ж-а шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү басымдуулук кылат. К-дын чөлдөрү өсүмдүктөрүнүн өтө суйдаңдыгы м-н өзгөчөлөнөт; ага бадалча (шыбак) ж-а бадал (караган) жамаатташтыктары мүнөздүү. Кумдуу чөлдөрүндө сөксөөл, дарак сымал баялыш, чекенде өсөт. Тарим ойдуңунун кыйла бөлүгүндө, Алашань чөлүндө ж-а Тибет тайпак тоосунун түндүгүндө өсүмдүк дээрлик өспөйт. Гобинин бийик түздүктөрүндө ж-а Ички Моңго-

лияда чөл өсүмдүктөрү кургак талаанын ж-а жарым чөлдүн кылкандуу өсүмдүк-бадалчалуу ж-а бадалдуу жамааттыктары м-н алмашат. Алашань чөлүнүн чыгыш бөлүгүнөн Ордос платосунун батыш бөлүгүнө чейин чөлдөшкөн талаа созулуп жатат. Шор баскан оёң жерлерди галофит өсүмдүктүү ж-а баялыштуу чөлдөр ээлейт. Бир аз нымдуураак жерлеринде (Лёсс платосунун түндүгүндө, Ички Моңголияда, өлкөнүн түн.-батышындагы тоо этектеринде) чымдуу-кылкан өсүмдүктөрү таралган. Тибет тайпак тоосуна бийик тоонун кылкандуу-өсүмдүк-бадалчалуу чөл ж-а суук талаасы мүнөздүү (анда альп шалбаасы, жаздык сымал ж-а бадал өсүмдүктөрү да кездешет); тайпак тоонун батыш бөлүгүндө бадалчалуу ж-а суйдаң чөп өсүмдүктүү бийик тоо муздак чөлү басымдуу. Сина-Тибет тоолорунун бийик бөлүгүнө альп шалбаасы кездешкен жапыз өскөн кылкан өсүмдүктүү талаа, суу өрөөндөрүнө арча, табылгы өсөт.

Токой өсүмдүктөрү (жалбырагын күбүүчү-дайыма жашыл аралаш токой зонасы) мурда Чыгыш ж-а Түн.-Чыгыш К-ды дээрлик каптаган, бирок азыр табигый өсүмдүктөр бул аймактарда негизинен орто бийик тоолордо гана кездешет. Чоң ж-а Кичи Хинган тоолорунун этектерине ачык ийне жалбырактуу токой мүнөздүү, ал 1800–2000 *м* бийиктиктерде жалбырагын күбүүчү-кедр токойлору м-н алмашат. 2500 *м* бийиктиктен жогору кездешкен кылкандуу же ырандуу өсүмдүктөр жогорулаган сайын тоо бадалдарына ж-а мамык чөп-эңилчектүү тундрага өтөт. Ийне-жазы жалбырактуу аралаш токой Чоң Хингандын чыгыш капталдарына мүнөздүү. Мелүүн алкактын жылуураак аймактарында – жалбырагын күбүүчү жазы жалбырактуу ж-а карагай-кызыл карагайлуу ийне жалбырактуу токой өсөт. Түш.-чыгыш муссонго карата ылымта жаткан Түн.-Чыгыш К-дын түздүктөрүн шалбаалуу талаа ж-а токойлуу талаа ээлейт. Циньлин ж-а Наньлин кырка тоолорунун аралыгында, Янцзы д-нын ортонку ж-а төмөнкү агымдарында сезондуу нымдуу жазы жалбырак-ийне жалбырактуу субтропик токою таралган; анда лиана, бамбук ж. б. арбын кездешет. Токойдон жогору альп шалбаасы жатат. Юньнань-Гуйчжоу тайпак тоосунун түш.-батыш бөлүгүнө, Лэйчжоубаньдао ж. а-на, Тайвань, Хайнань а-на дайыма жашыл тропик токою, жалбырагын чала күбүүчү кургакчыл токой ж-а саванна мүнөздүү. Сицзян д-нан түштүктү карай, деңиз жээктей мангр токоюнун кууш тилкеси созулуп жатат.

К-дын табигый ландшафты миңдеген жылдары ургаалдуу пайдаланылгандыктан, көп өзгөрүүлөргө дуушарланган. Жери түздөлүп, эгин эгилген, тоо капталдары тектирленген, канал, суу сактагыч, жолдор курулган, натыйжада аң, жарлар пайда болгон, кыртышы чөккөн, саз-



Гоби чөлү.

дашкан, жемирилип эрозияга учураган. К-дын азыркы ландшафтын негизинен (өлкөнүн аянтынын 84% и) табигый-антропогендик комплекстер түзүп, анда экинчи жолку ландшафттар басымдуулук кылат (61%); ландшафттардын антропогендик модификациясы аймактын 23% аянтын ээлеп, негизинен түздүктөрдү ж-а жапыз тоолорду камтыйт. Шарттуу-жергиликтүү ландшафты (16%) жетүүгө татаал, чарбада пайдаланылбаган жерлерде гана сакталган. Экологиялык эң татаал кырдаал – өлкөнүн калкынын 60% и жашаган, ири шаарлары ж-а ө. ж. борборлору жайгашкан Чыгыш К-да ж-а Сычуань ойдуңунда түзүлгөн. Мындагы эң актуалдуу проблемаларга – атмосферанын, суунун ж-а топурактын булгануусу, а. и. кислоталуу жаан-чачындын натыйжасы кирет. Азыр токой аянты кеңейтилүүдө (токой 175 млн *га*-дан ашык аянтты ээлейт же өлкөнүн аянтынын 18% и; 2008), жыл сайын 6 млн *га* жерге дарак отургузулат. Коргоого алынган 2350 табигый аймак уюшулган (анын 350сү мамл. корук; өлкөнүн аянтынын 15% и). ЮНЕСКОнун биосферелык резерваттарынын тармагына – коргоого алынган



Түштүк Кытайдагы тропиктик карст.

26 табигый аймак (жалпы аянты 33,16 миң *км²*), суу-саздак жерге – коргоого алынган 30 аймак кирет; 33 корук *Бүткүл дүйнөлүк мурастын* тизмесине катталган: алар – Тайшань, Хуаншань тоолору, Сычуань провинциясындагы Чоң панда резерваты, Түш. Кытай карсты ж. б.

Калкы. К-да 56 этностук топ расмий катталган. Сина-тибет тилдеринде сүйлөгөндөр өлкөнүн калкынын 94,3% ин түзөт, анын 91,5% и *кытай-*

лар (хань), 0,8% и хуэйлер, 0,2% и байлар; тибет-бирма элдери 1,8% ти түзүп, негизинен Түш.-Батыш К-да жашайт. Тай-кадай тилиндегилер (негизинен Түш. К-да) 2,3% ти, мяо-яо тилиндегилер (Түш. К-да) 0,9% ти, алтай тилиндегилер (негизинен Түн. ж-а Түн.- Батыш К-да) 2,2% ти, түрк элдери (уйгур, казак, кыргыз, салар, юйгу, өзбек, татар) 0,8% ти, моңгол элдери 0,5% ти, корейлер (Кытайдын түн.-чыгышында) 0,2% ти түзөт. О. эле К-дын түн.-батыш чет-жакаларында памирликтер (сарыколдуктар, вахандыктар), Түш. К-да – австралия-азия тилинде сүйлөгөндөр, мон-кхемерлер, вьеттер (цзин), Тайванда – австронезиялык-гаошандар жашайт. К-дын калкы дүйнөнүн калкынын $^1/_5$ бөлүгүн түзөт.

К-дын калкынын санынын тез темп м-н өсүшүнө байланыштуу (1953-ж. 594,4 млн; 1964-ж. 694,6 млн; 1982-ж. 1008,2 млн; 1990-ж. 1133,7 млн; 2000-ж. 1265,8 млн) өлкөдө төрөлүүнү чектөө б-ча ырааттуу демогр. саясат жүргүзүүгө туура келет. 1980-жылдардан бир балалуу үй-бүлөнү колдоо максатында төмөнкү комплекстүү иш-чаралар ишке ашырылууда: ай сайын жөлек пул төлөө, квартираны кезексиз алуу, баланы бала бакчада акысыз тарбиялоо, ЖОЖго кирүүгө, жумушка орноштурууда артыкчылыктарды берүү ж. б. Экинчи бала төрөлгөндө жогорудагы жеңилдиктер бүт алынып, ал үй-бүлөгө айып пул салынат. К-дын көп региондорунда кары курактагылардын көбөйө баштагандыгына байланыштуу 2007-ж. айрым үй-бүлөлөргө 2 балалуу болууга уруксат берилген. 1987-жылдан төрөлүүнүн саны кыскара баштаган (2007-ж. 1000 адамга 12,1 бала), өлүм-житим дээрлик туруктуу (2007-ж. 6,9). Калктын табигый өсүү темпи кыйла басаңдап, 2007-ж. 5,3тү түзгөн, бул көрсөткүч дүйнөлүк орт. деңгээлден 2 эсе төмөн. Өлкөнүн демогр. саясатынын стратегиялык максаты – 2040-ж. калктын санынын өсүшүн нөлгө жеткирүү (кытай демографтарынын эсеби б-ча К-дын калкынын саны 21-к-дын орто чениндө 1,5–1,6 млрдга жетет). Расмий маалыматтар б-ча сырткы миграция сальдосу терс мааниде (1000 адамга – 0,39); чет өлкөлөрдө 475 миң К. жарандары убактылуу жашап (негизинен Япония, Сингапур, Түш. Корея ж. б. Азия өлкөлөрүндө контракт м-н иштейт), 134 миң студент окуйт. Жашыруун эмиграциянын масштабы да зор.

К-да 100 аялга 103 эркек туура келет. 15 жашка чейинки өспүрүмдөр 17,9% ти, эмгекке жарамдуу курактагылар (15–59 жаш) 67,8% ти, 60 жаштан өткөндөр 14,3% ти түзөт (2007). Адам өмүрүнүн орт. узактыгы 72,9 жыл (эркектердики 71,1, аялдардыкы 74,8 жыл). Калкынын орт. жыштыгы: 1 *км²* жерге 137 адам. Калк өлкөнүн чыгыш аймактарына, айрыкча Хуанхэ, Янцзы д-нын өрөөндөрүнө ж-а дельталарына жыш отурукташкан. Шанхайда калктын жыштыгы 1 *км²* жерге 2880, Цзянсу провинциясында 740 адам туура келет. Өлкөнүн батышындагы тоолуу ж-а чөлдүү аймактарда калк салыштырмалуу сейрек отурукташкан (эң сейрек отурукташкан аймак – Тибет автономия району, 1 *км²* жерге 2,3 адам туура келет).

Шаар калкынын үлүшү (2007-ж. 44,9%) айыл калкынын шаарга миграциясынын ж-а шаарлардын чегинин кеңейишинин (о. эле айылкыштактарга шаар статусун берүүнүн) эсебинен туруктуу өсүүдө. 2020-ж. шаар калкынын үлүшү 57% ке жетээри божомолдонууда. К-да 656 шаар, 20 миңге жакын шаарча бар (2007). Шаар калкынын $^1/_2$нен ашыгы борборго баш ийген шаарларда, Түн.-Чыгыш Кытайдын ж-а айрым жээк провинцияларынын шаарларында жашайт. К-дын эң ири шаарлары (2009; шаар айланасы м-н, миң адам): Шанхай (17 783), Пекин (12 230), Сянган (Гонконг; 9102), Чунцин (7707), Шэньян (Мукден; 6580), Тяньцзинь (6389), Гуанчжоу (Кантон; 5711), Сиань (5132), Ханчжоу (4917), Харбин (4885), Шаньтоу (4747), Ухань (4696), Чэнду (4636), Нанкин (4313), Цзинань (3405), Чанчунь (3052), Шицзячжуан (3022), Тайюань (2787), Таншань (2756), Цзыбо (2736), Далянь (2709), Куньмин (2459), Циндао (2452), Гуйян (2420), Аньшань (2295), Чанша (2267), Уси (2226), Чжанчжоу (2216), Наньчан (2188), Гирин (Цзилинь; 1956), Синьян (1904), Ланьчжоу (1865), Даньдун (1711), Чжаньцзян (1635), Сюйчжоу (1611), Үрүмчү (1601) ж. б.

Тайвандын калкынын санынын өсүү темпи бара-бара басаңдоодо (1952-ж. 8,1 млн; 1980-ж. 17,8 млн; 1990-ж. 20,4 млн; 2000-ж. 22,3 млн; 2008-ж. 23,1 млн). 21-к-дын башында калктын өсүү темпи 0,24% ке чейин төмөндөгөн (2008). Калкынын демогр. негизги өзгөчөлүгү – төрөлүүнүн төмөндүгү (2008-ж. 1000 адамдан 9,0 бала төрөлгөн). Өлүм-житимдин аздыгы – мурда калктын табигый өсүү темпи, о. эле жашоо шартынын сапатынын жогору болгондугун айгинелейт. Тайвандын калкынын курамында 15 жашка чейинки өспүрүмдөр 17,3% ти, эмгекке жарамдуу курактагылар (15–64 жаштагылар) 72,2% ти, 65тен өткөндөр 10,5% ти түзөт. Орто эсеп м-н 100 аялга 102 эркек туура келет. Калкынын жашынын орт. узактыгы 77,8 жыл (эркектердики 74,9, аялдардыкы 80,9 жыл). Сырткы миграциясы анча көп эмес; миграция сальдосу ой мааниде – 1000 адамга 0,04. Тайванга жумуш издеп келгендердин саны көбөйүүдө. Тайвань – калк жыш отурукташкан провинция; калктын орт. жыштыгы: 1 *км²* жерге 637,9 адам туура келет. Урбанизация ж-а субурбанизация процесстери ургаалдуу өнүгүүдө. Шаар калкы 90% тей. Негизги шаар агломерациялары (2008; миң адам): Тайбэй (калкы 8325,2 – Тайвандын калкынын 36% тен ашыгы), Гаосюн (2686,5), Тайчжун (2224,5), Тайнань (831,4).

К-дын калкынын басымдуу бөлүгүнө синкретизм религиясы мүнөздүү: конфуцийчилик, даосизм, буддизм. Ислам динин К-да 20 млндой адам тутат; миңден ашык мечит бар.

Тарыхы. К. аймагын адамдар байыркы таш доорунда эле мекендеген. К. тарыхында алгач Ся династиясы (2205–1767), кийин Инь (азыркы Хенань, Хэбэй ж-а Шаньдун провинциялары) династиясы (1766–1112 же 1600–1027) пайда болгон. Б. з. ч. 11-к-да Инь мамлекетин анын батышында жашаган чжоу уруусу караткан. Чжоу доорунда өндүргүч күчтөр өсүп, адистешкен кол өнөрчүлүк пайда болуп, шаарлар курулуп, мад-т өнүккөн. Б. з. ч. 7–6-к-да К. аймагында бир нече падышалыктар (Ци, Янь, Цинь, Чу, Хань, Вэй ж-а Чжао) түзүлүп, бири-бири м-н согушуп турган. 200 жылга созулган тынымсыз согуштардан кийин К-да 1-жолу борбордошкон Цинь империясы (б. з. ч. 221–207) негизделген. Анын негиздөөчүсү ж-а 1-императору Цинь Шихуандинин убагында түндүктөгү көчмөндөрдөн коргонуу үчүн *Улуу Кытай дубалы*



Улуу Кытай дубалы. Жалпы көрүнүшү. 2006-жылдагы сүрөт.

курула баштаган. Өлкө борбордоштурулуп, майда падышалыктар жоюлуп, башкаруу системасы өзгөргөн. Өлкө 36 обл-ка бөлүнүп, башкаруу аппараты түзүлүп, императордун бийлиги бекемделген, жаңы мыйзамдар, чен бирдиктер, жазуу ж-а акча киргизилип, билим берүү системасы мамлекеттин карамагына өткөн. Б. з. ч. 3-к. – б. з. 3-к-да бийликке Хань империясы келген. Борб. бийлик күч алып, Чаньань, Лоян, Ханьдань, Линьцзы, Чэнду ж. б. ш. соода-кол өнөрчүлүк борборлоруна айланып, чек аралар кеңейип, Улуу Жибек жолу ачылган. Хань империясы Борб. Азия элдери ж-а өлкөлөрү (Фергана, Согд, Бактирия, Парфия) м-н мамилелешип, көптөн бери тынчын алып келген хунну ж. б. урууларга сокку урган. У-динин тушунда (154–108) конфуцийчилик К-дын мамл. идеологиясына айланган. Хань мезгилинде байыркы кытай эли калыптанып, өздөрүн ханьдар деп атаган. Б. з. 184-ж. узак убакытка созулган Чжан Цзяо жетектеген дыйкандардын «сары байламчандар» көтөрүлүшүнөн Хань империясы кулап, үч падышалык (Вэй, Шу ж-а У) түзүлгөн. Бул мезгилде феодалдык доор башталган. 316-ж. К-дын түндүгүн көчмөн уруулар басып алган. 4-к-дын ортосу – 5-к-дын башында Түн. К-да кытайлык эмес элдердин 19 мамлекети пайда болгон. 589-ж. кытай эли Суй империясына кайра бириккен. Император Вэнь-ди (Ян Цзянь) аскер күчүнө таянып, борб. бийликти чыңдоого багытталган реформаны ишке ашырган. Суй империясы Түн. Кореядагы Когурё мамлекетине, вьетнам мамлекети – Вансуанга, түрк ж-а тугухундарга каршы баскынчы согуштарын жүргүзгөн. Өлкөдөгү чексиз бийлик ж-а оор салыктар элдик толкундоолорго алып келип, Суй империясы кулаган. 618-ж. анын ордуна Тан империясы бийликке келген. К. адм. аймактарга (район, округ, уезд) бөлүнүп, мад-ты (китеп басып чыгаруу ойлоп табылып, өткөн доордун 8 расмий династиялык тарыхы түзүлгөн ж. б.) өскөн. Империя түрлүү багытта баскынчы согуштарын күчөтүп, 668-ж. Кореяга (Когурё) кол салып, 7-к-дын ортосунда Чыгыш ж-а Батыш түрк кагандыктарын талкалаган, бирок алардын андан ары батышты көздөй жылышын арабдар токтоткон. 751-ж. Талас д-нын боюндагы арабдар м-н болгон салгылашууда кытайлар жеңилип калган. Кыргыздар 7-к-дан Тан империясынын ишенимдүү, күч-кубаттуу, аскердик-саясий союздашы болгон. 632-ж. Тан императору Тайцзунь кыргыз каганына Ван И-Хун башында турган мамл. расмий элчилик жөнөткөн. Бул элчиликке жооп иретинде алгачкы жолу 643-ж. кыргыздар К-га барган. К. жыл наамаларында К-га кыргыз элчилери бир нече жолу (650–83-, 706–11-, 713–55-жылдары) каттагандыгы ж-дө маалыматтар кездешет (к. *Кыргыз-кытай дипломатиялык мамилелери*). 907-ж. Тан империясы кулап, Сун династиясынын (960–1279) бийлигине бириккен (түн. ж-а түн.-батыш аймактарынан башкасы). 13-к-дын 2-жарымында К-ды Чыңгыз хандын аскерлери басып ала баштаган. 1271-ж. Чыңгыз хандын небереси Хубилай бүткүл К-ды өзүнө багындырып, Юань империясынын негизин түзгөн. 1368-ж. Юань империясы бийликтен кетип, ордуна кытайлык Мин империясы келген. Мин доорунда мамл. башкаруу системасы реформаланган. Шаарлар өсүп, ө. ж., а. ч. ж-а мад-ты (К-да 1420-жылдары Живопись академиясы пайда болгон. Китеп басып чыгаруу иштери кеңейип, көп томдуу энциклопедия, атлас ж. б. түзүлгөн) өнүккөн. Мин империясы тышкы саясатты да активдүү жүргүзгөн. Вьетнамды каратып (1407–27), Түш.-Чыгыш ж-а Түш. Азия өлкөлөрүнө бир нече жолу экспедиция уюштуруп, түн. ж-а түн.-батыштагы көчмөндөргө каршы күрөшкөн. 16-к-дан К. аймагына европалыктар келе баштаган. 1557-ж. Португалия Аомынды (Макао) «арендалоого» укук алган. 1618-ж. эки өлкөнүн ортосунда соода ж-а дипл. байланыштарды жөнгө салуу иштери м-н Тобольск

аскер башчысы И. Петлин жетектеген биринчи орус дипл. делегациясы Пекинге келген. 17-к-да К-дын түндүгүнөн чыккан көчмөн уруулардын көтөрүлүштөрү Мин империясын кулаткан. Кытай феодалдары көтөрүлүштөрдү басуу үчүн манжур феодалдарынан жардам суроого мажбур болгон. Бул К-да манжурлардын Цинь династиясынын (1644–1911) орношуна алып келген. Дыйкандар согушу ж-а манжур каратууларынан К-да экон. кризистер башталып, калктын саны кыскарган. 18-к-дын аягынан гана К-дын экономикасы калыбына келип, элдин саны 300 млнго жеткен. Империяда күчтүү армияга ж-а бюрократтык аппаратка таянган деспоттук режим түзүлгөн. Жогорку бийлик органдары ж-а армияны жетектөө манжурлардын колунда болгон. Түн. К-га бийлигин орноткон соң, Цин К-дын коңшу мамлекеттерине кол сала баштаган. Россия Цин империясы м-н болгон мамилелерин жөнгө салуу максатында 1689-ж. Аргунь д-нын оң жээгин ж-а Амур д-нын оңсол жээгинин бир бөлүгүн берген (к. *Нерчин келишими*). 1727-ж. *Кяхта келишими* Цинь империясы м-н Россиянын ортосундагы Моңголия б-ча өтүүчү чек араны тактап, 17-к-дын аягында Цинь династиясы Түн. Моңголияны (түштүгүн 1636-ж.), 1728-ж. Тибетти, 1755–57-ж. Жунгар хандыгын, 1757–59-ж. Чыгыш Түркстанды (Кашкар) басып алып, Синьцзян деген ат м-н Цинь империясына кошкон. Ошол учурда Чыгыш Түркстанда Цин империясынын басып алуучулук саясатына каршы кыймыл (5 миңден ашык ойрот, бурут же кыргыз, илелик уйгурлардан турган кол жыйналган) башталган. Мындан чочулаган Цин империясы түндүктөгү коңшусу кыргыздар м-н расмий мамиле түзгөн (к. *Кыргыз-кытай дипломатиялык мамилелери*). 18-к-дын аягында Цин империясынын ички абалы начарлай баштаган. 19-к-дын 1-жарымында европалыктардын, айрыкча Улуу Британиянын К-га экспансиясы күчөгөн. 1840–42, 1850–60-ж. Улуу Британия ж-а Франция м-н «апийим» согуштары болуп, К. жеңилип калган. Нанкин келишими (1842) б-ча К. Англия үчүн 5 порт ачып, Сянган (Гонконг) а-н берген. Португалия 1851-ж. Аомынь ж. а-н, Данцзыдао (Тайпа) а-н, 1864-ж. Цзюаодао (Колоане) а-н басып алган. 1844-ж. К. Франция ж-а АКШ м-н түзүлгөн келишимдердин негизинде жарым колониялык өлкөгө айлана баштаган. Россия-кытайлык Пекин трактаты (1860) Ы. Чыгыштагы эки мамлекеттин ортосундагы чек ара (Амур, Уссури д., Ханка көлү ж-а кырка тоолор аркылуу өтүп, Тумыньцзян д-на чейин жеткен) маселесин чечкен. К. калкынын социалдык-экон. абалы оордоп, манжурларга ж-а жогорку бийликтегилерге каршы дыйкандардын Тайпын (1850–64) ж-а Няньдан (1959–68), о. эле 1862–77-ж. дунгандар м-н уйгурлардын көтөрүлүштөрү болуп, англ., фр. ж-а амер-дын колдоосу м-н басылган. 19-к-дын аягында К-да капиталисттик ө. ж. өндүрүшү пайда болуп, улуттук буржуазия м-н жумушчу табы калыптана баштаган. 1870–80-ж. батыш державалар Цин империясына кысым көрсөтүүнү күчөткөн. Бир катар согуштардан [Кытай-француз согушу (1884–85), Кытай-япон согушу (1894–95] соң, К-ды көз каранды кылуучу келишимдер таңууланган. 1897–98-ж. ири державалар Цин империясын бөлүштүрүүгө киришкен. Цин өкмөтүнүн багынуучулук саясаты өлкөдөгү прогрессчил күчтөрдү кыжырланткан. Өлкөнү сактап калуу үчүн К-да Сунь Ятсен жетектеген рев-ялык-демокр. кыймыл пайда болуп, 1894-ж. Синчжунхой уюмун уюштуруп, радикалдуу реформаларды жүргүзүү аракеттерин жасаган. 1898-ж. Шаньдун, Чжили ж. б. провинцияларда Цин династиясын колдогон ж-а чет өлкөлөргө каршы багытталган Ихэтуань кыймылы күч алган. Чжу Хундэн, Чжан Дэчэн, Цао Футянь ж-а Ли Лайчжун жетектеген ихэтуандар маньчжурлар м-н биригип, т. ж-дорду, з-ддорду, христиан чиркөөлөрүн талкалап, европ. товарларды ж-а китептерди өрттөп, чет элдик өкүлдөргө кол салып, Пекиндеги дипломаттар кварталын курчоого алышкан. 1901-ж. Улуу Британия, Франция, Германия, АКШ, Россия, Япония, Италия ж-а Австро-Венгрия өлкөлөрү Ихэтуань кыймылын басып, өз таасирин чыңдоо үчүн К-га интервенция жасашкан. Анын натыйжасында бул державалар м-н Цин империясынын ортосунда «Корутундулоо токтомуна» (1901) кол коюлуп, ал Цин империясынын жарым колониялык абалын бекемдеген. 1911-ж. октябрь – 1912-ж. мөртта К-да Синьхай рев-ясы болгон. Цин династиясы тактыдан кулап (1912-ж. 12-февралда), монархия жоюлган. Бийликке аскер чөйрөсүнүн жетекчиси Юань Шикай келип, аскердик диктатура орноткон. 1-дүйнөлүк согуш убагында (1914–18) Япония К-га экспансиясын күчөтүп, 1915-ж. январда К-ды өзүнө көз каранды кылуу үчүн жаңы талаптарды койгон. Юань Шикайдын өкмөтү ал талаптардын көбүн орундаткан, бирок Япония өкмөтүнө каршы наарazылыктарын билдирген.

Орус революциясынын (1917) жеңиши К-га зор таасир тийгизген. К-да жумушчу кыймылы күчөп, 1921-ж. К. Коммунисттик партиясы негизделген (ККП). 1921-ж. апрелде К. Респ-нын убактылуу президенттигине Сунь Ятсен шайланган. Анын «империалисттерге» каршы биргелешип күрөшүү өтүнүчү б-ча 1923-ж. Сов. Союзунан Гуанчжоуга саясий ж-а аскер кеңешчилери (М. М. Бородин, В. К. Блюхер ж. б.) келип, Улуттук-рев-ялык армиясын (УРА) түзүүгө ж-а курал-жарак жагынан ж. б. жардам беришкен. Кытайлыктардын империалисттерге каршы массалык күрөшү бурж.-демокр. рев-яга (1925–

27) айланган. 1925-ж. 1-июлда Гуанчжоу өкмөтү өзүн Улуттук К. өкмөтү деп жарыялаган. 1926–27-ж. УРА Гуанси, Гуйчжоу провинцияларына ж-а Хунань провинциясынын түш. бөлүгүнө рев-ялык бийлик орнотуп, Хунань, Хубэй, Цзянси, Фуцзянь провинцияларын, Шанхай, Нанкин ш-н бошоткон. Рев-ялык кыймылдын кулач жайышынан ж-а батыш мамлекеттеринин интервенциясынан чочулаган К. улуттук буржуазиясы рев-ядан баш тарта баштаган. 1927-ж. 12-апрелде УРАнын башкы командачысы Чан Кайши башында турган Гоминьдандын оң канаты Шанхай, Нанкин, Гуанчжоу, кийинчерээк Уханга контррев-ячыл (Ухандагы солчул гоминьданчылардын өкмөтүнө каршы) төңкөрүш уюштуруп, Улуттук өкмөт түзгөн. ККПны мыйзамсыз деп жарыялап, профсоюз ж-а дыйкан уюмдарын таркатып, өлкөдө «ак террор» (1927-жылдын апрелинен 1928-жылдын июль айына чейин К-да 337 миң революционер репрессияланган) өкүм сүргөн. 1927-ж. К-да Кызыл Армия ж-а рев-ялык-демокр. бийликтин жерг. органдары – Советтер түзүлгөн. ККП Кызыл Армияга таянып, Чан Кайшинин өкмөтүнө же гоминьдан режимине каршы куралдуу күрөш баштаган. 1927–37-ж. К-да жарандык согуш башталган.

Япония 1931-ж. 18-сентябрда К-дын түн.-чыгышын (Маньчжурияны) басып алып, Маньчжоу-го мамлекетин негиздеген. 1935-ж. япондук башкаруу топторунун Нанкин өкмөтүнө таңуулаган жашыруун макулдашуусунун негизинде Гоминьдан Түн. Кытайдагы Япониянын басып алган аймактарын тааныган. Бирок ушундай шарттарда да Чан Кайшинин өкмөтү Кызыл Армияга каршы жортуулун уланта берген. Чан Кайшинин капитулянттык позициясы элдик толкундоолорго алып келип, Пекинде өкмөткө ж-а япондуктарга каршы патриоттук демонстрациялар өткөрүлгөн. 1936-ж. Гоминьдан К. Кызыл армиясына каршы согуш аракеттерин токтотууга мажбур болгон. 1937-ж. Япония К-ды толугу м-н каратып алуу үчүн кайрадан кол салып, Түн., Борб. ж-а Түш. К-дын маанилүү райондорун ж-а Пекин, Тяньцзинь, Шанхай, Нанкин ж. б. ш-н басып алган. 1937-ж. 23-сентябрда Гоминьдан жетекчилиги ККП м-н кызматташуусун билдирген. 1937–45-ж. япон баскынчыларына каршы К-да улуттук-боштондук согуш башталган. 1937-ж. 21-августта кол салышпоо ж-дө сов.-кытайлык келишим түзүлүп, СССР К-га 250 млн доллар заём берип (курал-жарак ж. б. сатып алууга), 3,5 миң аскер адистерин (а. и. ыктыярдуу учкучтарды) жиберген (шаарларын коргоо үчүн), о. эле Ы. Чыгышта топтолгон куралдуу күчтөр м-н япондуктардын Квантун армиясын талкалап, япондук оккупанттык режимди кулатууга көмөктөшкөн. 1945-ж. 2-сентябрда Япония өзүнүн капитуляциясы ж-дө актыга кол койгон. 1946-ж. 10-январдагы согуштук аракеттерди токтотуу ж-дө Гоминьдан м-н ККП өкүлдөрүнүн түзгөн келишимине карабастан, К-да улуттук-боштондук согуш башталган. АКШнын колдоосуна (Гоминьданга 6 млрд доллар өлчөмүндө согуштук жардам берип, К-дын саясий турмушун, финансы ж-а экономикасын көзөмөлдөгөн) таянган Гоминьдан аскерлери япондуктардан бошотулган аймактарды басып алуу аракетин жасашкан. Кытай армиясынын күчү м-н 1949-ж. К-дын бардык аймагы бошотулуп, Чан Кайши 2 млнго жакын талапташтары м-н Тайванга качып кеткен. К. элинин улуттук-боштондук согушу (1946–49) элдик-демокр. рев-янын жениши м-н аяктаган.

8-талаа армиясынын аскерлеринин япон баскынчылары менен согушуу учуру. 1949.



1949-ж. 1-октябрда К. Эл Респ. (КЭР) жарыяланган. КЭРди алгач СССР (1949-ж. 2-октябрь), кийинчерээк чыгыш-европ. өлкөлөр ж-а Монгол Эл Респ. тааныган. 1950-ж. январдын башында КЭР Улуу Британия, Скандинавия мамлекеттери, Афганстан, Израиль, Швейцария ж-а Индия м-н дипл. мамилелерди түзүп, алардын жардамы м-н согушта бүлүнгөн чарбасын калыбына келтирген. 1950-жылдары КЭРде ишканалар ж-а банктар мамлекеттештирилген. КЭР тышкы соодага мамл. көзөмөл киргизип, бажы органдарын колуна алган. Өлкөдө адм.-аймактык ж-а агрардык реформалар жүргүзүлүп, К. провинцияларга ж-а АОго бөлүнгөн. Помещиктик жерлер жоюлуп, 300 млндой жерсиз дыйкандар жердин ээси болгон. Өндүрүш кооперативдери киргизилип, ага дыйкан чарбалары, майда менчик ж-а кол өнөрчүлүк ишканалары бириккен. 1954-ж. Мао Цзэдун КЭРдин төрагалыгына шайланып, улутчулдук багыттагы саясат жүргүзгөн. Венгрия көтөрүлүшү (1956) ж-а Польшадагы саясий кризистен (1956) улам Кытай жетекчилиги өнүгүүнүн сов. моделинен баш тартып, СССРдин «десталинизм» саясатын сындаган. 1960-жылдары сов.-кытайлык мамилелер начарлап, кытайлык жетекчиликте улуу державалык, улутчулдук маанай өкүм сүргөн. Мао Цзэ-дундун тобу авантюристтик «үч кызыл туу» (жаңы «генералдык багыт», «чоң секирик», «элдик коммуна») саясатын жарыялаган. «Чоң секирикти» турмушка ашыруу аракеттери К-дын эл чарбасын кризиске учуратып, экономиканы артка тартып, элди ачкачылыкка (К-да ачкачылыктан 10–14 млндон 30 млнго чейин киши өлгөн) алып келген. Маочулардын ички-тышкы авантюристтик саясаты өлкөдө, а. и. ККПнин жооптуу кызматкерлеринин арасында зор нааразылык туудурган. Оппозицияны жок кылуу ж-а элди баш ийдирүү үчүн маочулар 60-жылдардын 2-жарымында «маданий революция» уюштурган. Алар армияга ж-а саясий жактан тажрыйбасы жок жаштарга [хунвейбиндер («кызыл күзөтчүлөр») м-н цзаофандарга («бүлүкчүлөр»)] таянып, ККП м-н КЭРдин белгилүү ишмерлерин, интеллигенция өкүлдөрүн жетекчиликтен четтетип, ККПнин көп мүчөлөрүн жазалашкан. Бардык жерг. парт. ж-а конституциялык мамл. органдар куугунтукка алынып, жогортон дайындалган «ревкомдор» м-н алмаштырылган. Профсоюздук, комсомолдук ж. б. коомдук уюмдар ишин токтотуп, бобы ж-а жерг. гезит-журналдар, мектеп, ЖОЖ, китепкана, музей ж-а театрлар жабылган. 1966-ж. август-сентябрь айларында 397 минден ашык киши шаарлардан куулуп, Пекинде эле 1733 киши өлтүрүлгөн, 37 миң үй-бүлөнүн мүлкү сонолгон. Жалпысынан «Маданий революциянын» мезгилинде Кытайда 6 миңден ашык аралык эстеликтер, а. и. Пекинде 4922 тарыхый ж-а маданий эстелик талкаланып, 2, 357 млн тарыхый китептер, 185 миң сүрөт ж. б. жок кылынган. Кытай эмес элдердин өкүлдөрүн кысымга алуу ж-а аларды ассимиляциялаштыруу күчөгөн. 1976-ж. 9-январда Мао Цзэдун дүйнөдөн кайткан соң, коомдук, коопсуздук уюмдар ж-а армиянын күчү м-н «солчулдардын» таасири төмөндөгөн. «Маданий революциянын» бүткөндүгү жарыяланып, партиянын жаңы уставы кабыл алынган. 1979-ж. К-да экон. реформалар жүргүзүлүп, жетекчилик звено жаш кадрлар м-н толукталган. Эл аралык соода жүргүзүү үчүн «атайын экономикалык зоналар» ачылган.



Пекиндеги Мао Цзедундун мавзолейи. 1977. Архитекторлор Ян Тинбао ж. б.

1990-жылдары КЭРдин тышкы саясатындагы маанилүү маселе – Тайвань болгон. 1992-ж. тынчтык жол м-н биригүү үчүн Пекин м-н Тайбэйдин ортосунда сүйлөшүүлөр башталып, 1993-жылдан соода байланыштары түзүлгөн. КЭРдин эл аралык позициясынын чыңдалышы ж-а Батыш өлкөлөр м-н анын экон. ж-а саясий кызматташтыгынын терендеши Сянган (Гонконг) ж-а Аомындын (Макао) тагдыры ж-дө маселенин чечилишин тездеткен. 1984-жылдын 26-сентябрында аренда ж-дө брит.-кытайлык келишимдин 50 жылдык мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу Улуу Британия м-н КЭРдин алдын ала билдирген макулдашууларынан соң, 1997-ж. Сянган, 1987-ж. 13-апрелде К-дын Португалия м-н түзгөн келишиминин негизинде 1999-ж. Аомынь К-га кайтарылып берилген. К. Япония (1978), Корея Респ. (1992), Индия (1993), РФ (1994), Вьетнам (1995) ж. б. өлкөлөр м-н достук ж-а кызматташтык мамилелерди түзгөн. 1993-жылдан К. рынок чарбасына өткөн.

КЭР өкмөтү ядролук куралдарды таратпоо ж-дө келишимди (1991-ж. 29-декабрда) колдоп, 1996-ж 29-июлда ядролук куралдарга сынак жүргүзүүнү токтоткондугун билдирген. КЭР «модернизация, реформа ж-а ачыктык» саясатын жүргүзүү м-н дүйнөдөгү глобалдуу экономика ж-а соода лидерине айланып, «дүйнөлүк фабрика» статусуна ээ болгон. 2001-ж КЭР Дүйнөлүк соода уюмуна киргиз. К. түстүү металл, көмүр, цемент, кездеме, телевизор, мотоцикл, велосипед ж. б. продуктуларын чыгаруу б-ча дүйнөдө 1-орунда, кант чыгаруу б-ча 2-орунда, автомобиль чыгаруу б-ча 3-орунда, электр энергиясын иштетүү б-ча 4-орунда, нефть өндүрүү б-ча 5-орунда (2007). К-дын «Petrochina» нефть хим. корпорациясы ж-а Сауда-ө. ж. банкы 2008-ж. дүйнөдөгү ири компаниялардын катарына кирген. 1990-жылдардан КЭР кылмыштуулуктун өсүшү ж-а [illegible] м-н катар наркомания, о. эле диний [illegible] (Фалуньгун сектасы) [illegible] каршы күрөш жүргүзөт. КЭР 1996-ж. апрелде Шанхайда, 1997-ж. апрелде [illegible] Казакстан, Кырг-н ж-а Тажикстан [illegible] м-н мурдагы сов.-кытайлык [illegible] куралдуу күчтөрдү кыскартуу, [illegible] достук мамилелерди түзүү ж-дө [illegible] кол койгон. 2001-ж. К. «Шанхай [illegible] негизинде «Шанхай кызматташтык [illegible] (ШКУ) түзүү идеясын колдогон. [illegible] ККП БКнын генералдык секретары Ху Цзиньтао (2003-ж. 15-мартта КЭРдин төрагасы, 2004-ж. сентябрда ККП БКнын Аскер кеңешинин төрагасы).

Ш. Керимова.

Чарбасы. К. – дүйнөдөгү эң ири ж-а өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн бири. ИДПнин көлөмү (6991млрд доллар) б-ча дүйнөдө АКШдан кийинки 2-орунду ээлейт (дүйнөлүк ИДПнин 10,8%-и). Аны киши башына бөлүштүргөндө 5292



Янцзы д-ндагы «Санься» («Үч капчыгай») ГЭСи.

доллардан туура келет. Адамзат өнүгүүсүнүн индекси 0,777 (дүйнөдөгү 177 өлкөнүн ичинен 81-орунду ээлейт). ИДПнин структурасында ө. ж. м-н курулуштун үлүшү 49,2%ти, тейлөө чөйрөсү 39,1%ти, а. ч. 11,7%ти түзөт.

К-дын экономикасынын маанилүү ж-а өнүгүп жаткан сектору – өнөр жайы. Ө. ж. продукциясынын наркынын 86,7%ин иштеп чыгуучу, 6,1%ин тоо-кен, 7,2%ин электр-энергетика, жылуулук, газ ж-а суу м-н камсыз кылуучу тармактары түзөт (2006). Иштеп чыгуучу ө. ж-нын маанилүү тармактары: машина куруу ж-а металл иштетүү, химия (нефть-химия, химия-фармацевтика), кара ж-а түстүү металлургия, жеңил ж-а тамак-аш. Негизги ө. ж. тармактарында маанилүү орунду көп профилдүү мамл. ири корпорациялар түзөт.

Керектелген энергиянын 70,2%и көмүргө (күрөң ж-а таш көмүр), 20,6%и нефтиге, 3,0%и табигый газга, 5,5%и гидроэнергияга, 0,7%и атом энергиясына туура келет. 2007-ж. 186,7 млн *т* нефть өндүрүлгөн. Нефтинин $^2/_3$си өлкөнүн түн.-чыгыш ж-а түн.-батыш бөлүкторүндө, 15%тейи Сары деңиздин Бохай булуңундагы, ө. эле Түш. Кытай деңизиндеги шельфттерден өндүрүлөт. Синьцзян-Уйгур автономия районундагы Кара-Май кенинде эзелтен эле нефть (2007-ж. 12 млн *т*) өндүрүлгөн. Ө. ж-нын тез өнүгүп жаткан тармагы – нефтини кайра иштетүү ө. ж.; нефть ылгоочу з-дорунун кубаттуулугу 7029 миң баррель. суткасына; 2006-ж. 195 млн *т* нефть продукциялары, 2007-ж. 69,3 млрд $м^3$ күйүүчү табигый газ өндүрүлгөн; газ өндүрүлүүчү негизги региондор: Синьцзян-Уйгур автономия р-ну (Тарим нефть-газ бассейни ж. б.), Сычуань, Шэньси провинциялары ж. б.; табигый газ, ө. эле Түш. Кытай деңизинин шельфинен да өндүрүлөт. К. көмүр казып алуунун көлөмү (2007-ж. 2536 млн *т*; дүйнөлүк казып алынган көмүрдүн 40%ке жакыны) б-ча дүйнөдө 1-орунду ээлейт. Көмүрдүн басымдуу бөлүгү жер астынан казылып алынат. Көмүр кенинин көбү өлкөнүн түндүгүндө ж-а түн.-чыгышында жайгашкан. Атом ө. ж. ургаалдуу өнүгүүдө. Өндүрүлгөн уран рудасы (2006-ж. 840 *т*) өлкөнүн атом энергиясына болгон муктаждыгының $^1/_2$ин камсыз кылат (уран концентратын Казакстан, Канада, Россия, Намибия ж. б. өлкөлөрдөн алат). Төрт АЭСте 11 атомдук реактор иштейт (2008). Электр энергетикасынын үлүшүнө ө. ж. продукциясынын наркынын 6,8%и туура келет. Электр станцияларынын аныкталган кубаттуулугу 700 миң *МВт*дан ашык (2007). 2007-ж. 3256 млрд *кВт·с* электр энергиясы өндүрүлгөн (АКШдан кийинки 2-орунда); анын 83%и ЖЭСке, 14%и ГЭСке, 2%и АЭСке, 0,1%и шамал курулмаларына, 0,9%и энергиянын башка булактарына таандык. Дүйнөдөгү эң ири ГЭС – «Санься» («Үч капчыгай») Янцзы д-нда курулган (2009). ГЭСтин 26 энергия блогунун жалпы аныкталган кубаттуулугу 18,2 миң *МВт*. ГЭСтин суу сактагычын (уз. 660 *км*, орт. жазылыгы 1,1 *км*) курууда 27,8 миң *га*дан ашкан жер суу астында калган, 1,5 млндой адам башка жакка көчүрүлгөн. Башка ири ГЭСтери: «Лунтань» (4,9 миң *МВт*), «Эртань» (3,3 *МВт*), «Гэчжоуба» (2,7 *МВт*) ж. б. Хуанхэ д-нда 18 гидротүйүн иштейт; ошол эле дарыяда 7 плотина курулууда (2009). К. чакан ГЭСтердин жалпы саны (аныкталган жалпы кубаттуулугу 40 миң МВтдан ашкан 40 миң чакан ГЭС) б-ча дүйнөдө алдынкы орунда; алар негизинен айыл калкын электр энергиясы м-н камсыз кылат. К-дын 6 энергия системасы (Чыгыш, Түн., Түн.-Чыгыш, Борб., Түн.-Батыш, Түш. К.) бириктирилген. Электр өткөргүч линияларынын (чыңалуусу 220 *КВ* ж-а андан ашкан) жалпы уз. 291,4 миң *км*ден ашуун (2007).

Кара металлургия өлкөнүн ө. ж-нын негизги тармактарынын бири; анын продукциясынын негизги түрлөрүнүн өлчөмү б-ча К. – дүйнөдөгү эң алдынкы өлкө. Ишканалары негизинен жерг. сырьёлорду ж-а отунду пайдаланат. Темир (292 млн *т*; казып алуучу негизги райондору: Хэбэй, Ляонин, Сычуань, Шаньдунь провинциялары, Ички Монголия; Аньшань темир кенташ бассейни ж. б.), марганец (11 млн *т*; дүйнөдө алдынкы орунда), хромит (ички керектөөнүн 13–15%ин гана канааттандырат), ванадий (дүйнөдө 2-орунда; Сычуань провинциясы ж. б.) казылып алынат. 2007-ж. 328 млн *т* кокс өндүрүлгөн (дүйнөлүк өндүрүштүн 60%и). Чоюн (2007; 469,5 млн *т*), болот (дүйнөлүк өндүрүштүн $^1/_3$инен ашыгы), болот прокаты (468,4 млн *т*; 2006) өндүрүлөт. Өлкөнүн чыгышы кара металлургиянын эң ири борбору; эң ири металлургия комбинаттары Шанхай, Баошань, Мааньшань, Хуайнань, Нанкин ж. б. шаарларда жайгашкан. Кара металлургиянын 2-борбору – өлкөнүн түн.-батышы (1450-жылдары К-дын кара металлургияга болгон муктаждыгының 60%тен ашыгын камсыз кылган); түндүгүндөгү эң ири борбору – Пекин.

Түстүү металлургия – К-дын дүйнөлүк рынокторогу абалын аныктаган негизги ө. ж. тармактарынын бири. Түстүү металлургиянын маанилүү тармагы – алюминий ө. ж.; анын негизги сырьёсу – боксит (2006-ж 20 млн *т* өндүрүлгөн; дүйнөдө Австралия, Бразилиядан кийинки 3-орунду ээлейт; 12%и); глинозём (19,5 млн *т*; дүйнөлүк өндүрүштүн 20%и, Австралиядан кийинки 2-орунда), жез (873 миң *т* дай), полиметалл кенташтарынан коргошун концентраты (1330 миң *т*), цинк (2840 миң *т*; дүйнөлүк өндүрүштүн $^1/_4$нен ашыгы), күмүш (2,7 мин *т*; дүйнөдө 3-орунда), калай (149 миң *т*; дүйнөлүк өндүрүштүн 40%тейи), вольфрам (72 миң *т* кенташ; дүйнөдө өндүрүлгөн вольфрам кенташынын 80%и), молибден (41 миң *т*; дүйнөлүктүн 23%и), никель (82,1 миң *т*;), кобальт, титан, сурьма (153 миң *т*; дүйнөлүк экспортун 80%и), висмут (дүйнөлүк өндүрүштүн 50%тейи), сымап (75%тейи), сейрек жер элементтери (2007-ж. 120,8 миң *т*; экспорко 49 миң *т*; негизинен Ички Моңголияда) өндүрүлөт.



Тайвань провинциясындагы металлургия комбинаты.

Машина куруунун негизги тармактары – электрондук ө. ж., оор ж-а транспорттук машина куруу. К. машина куруунун татаал технол. продукцияларын (компьютер ж-а ага манитор, принтер ж. б., коммуникациялык жабдууларды айрым түрлөрү, прибор ж.б.) экспорттоо көлөмү б-ча дүйнөдө 1-орунда. Оор машина куруу ө. ж. – энергетикалык машина курууну ж-а электр-тех. ө. ж-н, тоо-кен, металлургия ж-а нефть-химия, нефть өндүрүүчү, нефтини кайра иштетүүчү ж. б. ө. ж. тармактары үчүн жабдууларды, жол куруу машиналарын чыгарат. Метталл иштетүүчү станокторду чыгаруу (2006-ж. 573 миң станок) дүйнөдө Япония, Германиядан кийин 3-, ички рынокто сатуу б-ча 1-орунда турат. Энергетикалык машина куруу ж-а электр-тех. ө. ж. – маанилүү тармактардан; өндүрүлгөн электр-энергетикалык жабдуулардын жалпы кубаттуулугу 129,9 миң *МВт* (2007). Бул тармактын ишканалары – ГЭС, ЖЭС ж-а АЭС үчүн энергия блокторун, ЖЭС үчүн буу казан, газ турбинасын, шамал энергиясы курулмасын, озгөрүлмөлүү ж-а туруктуу ток кыймылдаткычтарын, трансформатор, жогорку вольттуу электр приборлорун, атом энергетикасы үчүн жабдууларды ж. б. чыгарат.

21-к-дын башында тиричилик электр-приборлорун: муздаткыч, кир жуугуч машина, кондиционер, электр чаң соргучу, микротолкун мешин чыгаруу б-ча К. дүйнөдө алдынкы орунга чыкты (дүйнөлүк рыноктун $^1/_3$нен ашыгы).

К. – электрондук приборлорду, коммуникациялык жабдуулардын айрым түрлөрүн көп чыгаруучу дүйнөдөгү бирден-бир өлкө; персоналдык ж-а кол компьютерлер (ноутбук), плазма ж-а суюк кристаллдык телевизор, түстүү телевизор, DVD, плеер, уюлдук телефон (дүйнөдө чыгарылгандын 40%тейи), интегралдык микросхема, микропроцессор, санарип сүрөт ж-а көрмө-камера ж. б. чыгарат.

Транспорттук машина куруунун негизги тармагы – автомобиль ө. ж.; ал автомобиль техникасынын дээрлик бардык түрүн, ө. эле анын тетиктерин, агрегаттарын чыгарат. Автомобиль чыгаруу б-ча (2007-ж. 8887 миң; анын 4798 миңи женил машина) АКШ Япониядан кийинки 3-орунда. Автомобиль ж-а мототехниканын негизги бөлүгү өлкөнүн ички рыногуна (8,8 миң) сатылат (АКШдан кийинки 2-орунда). Экспорттун өлчөмү (2007-ж. 600 миң) тез көбөйүүдө. Автомобиль ө. ж-нын өнүгүүсү чет элдик компаниялар м-н биргелешкен ишканаларга байланыштуу автомобилдердин $^2/_3$ бөлүгүнө жакыны (негизинен чет өлкөлүк моделдер) биргелешкен ишканалардан чыгат. Жылына 25,5 млн мотоцикл ж-а скутерлерди даярдап (дүйнөлүк өндүрүштүн $^1/_2$ине жакыны), 8,2 млну экспортко чыгарылат.



Баодин ш-ндагы автомобиль кураштыруу заводу.

Авиаракета-космостук ө. ж. – ургаалдуу өнүгүп жаткан жогорку технол. тармак. Авиация ө. ж. аскердик ж-а жарандык продукцияларды (самолёт, вертолёт, ракета, истребитель ж. б.) чыгарат. К. космостук ракеталарды учуруу б-ча дүйнөдө АКШ, Россиядан кийинки 3-орунду ээлейт. Т. ж. транспортун (электровоз, тепловоз, жүргүнчү ж-а жүк ташуучу вагон, метрополитен вагону ж. б.) чыгаруу өнүккөн, ага болгон өлкөнүн муктаждыгын толук камсыз кылат. Кеме куруу – өлкөнүн экономикасындагы эң маанилүү ж-а тез өнүгүп жаткан тармак. Ку-



Далянь шаарындагы кеме верфи.

рулган деңиз кемелеринин тоннажынын көлөмү (2007-ж. 18,93 млн *т* дедвейт) б-ча дүйнөдө Корей Респ., Япониядан кийинки 3-орунду ээлейт (дүйнөлүк өндүрүштүн 23% и); заказ алынган кемелердин саны (2975 кеме) б-ча дүйнөдө 1-орунга чыкты (2008). Үч минге жакын кеме куруучу ж-а ремонттоочу ишкана иштейт. А. ч. машиналарын куруу ишканалары – төрт дөңгөлөктүү мини-трактор (2007-ж. 2 минден ашык), дөңгөлөктүү ж-а каз таман (200 минден ашык) трактор, өзү жүрүүчү комбайн, насос, дары чачуучу курулма, газон чөбүн чабуучу мотоблок, төмөнкү кубаттуулуктагы дизель кыймылдаткычын ж. б. чыгарат.

Химия ө. ж. продукциясынын дүн баасы б-ча машина куруу ж-а металлургия ө. ж-нан гана кийин турат. К. барит (4,2 млн *т*), флюорит (2,7 млн *т*), сал туз (45 млн *т*), фосфорит (32 млн *т*) өндүрүү б-ча дүйнөдө 1-орунда; химикаттарды пайдалануу б-ча АКШ, Япония сыяктуу эле дүйнөдө алдынкы орундардын бирин ээлейт. К. – массалык хим. продукцияларды чыгаруу б-ча дүйнөдөгү бирдей бир өлкө; аларга күкүрт к-тасы, кальцийленген сода, каустика соода-сы, ө. эле синтезделген аммиак, минералдык жер семирткич кирет. Нефть-химия ө. ж. – этилен, поливинилхлорид, метанол, бензол, пластмасса, синтездик чайыр, синтездик каучук (АКШдан кийинки 2-орунда) ж-а накта каучук, автомобиль ж-а трактор шиналарын чыгарат. Дүйнөдө өндүрүлгөн хим. буланын $^1/_3$и К-га таандык, ал өлкөнүн текстиль ө. ж-ныи маанилүү сырьёсу болуп саналат; анда синтездик була (полиэфир, полиамид, полиакрил ж. б.) чыгаруу басымдуулук кылат.

Фармацевтика ө. ж. – салттуу кытай медицинасынын дары-дармектери, хим. дары каражаттары, негизинен женерик чыгаруу өнүккөн. Антибиотиктерди, витаминдин көп түрлөрүн, ооруну басандатуучу каражаттарды ж. б. чыгаруучу түрдүү дары сырьёлорун даярдоочу ж-а экспорттоочу дүйнөдөгү бирден-бир өлкө. Биофармацевтика дары-дармектерин чыгаруу өнүгүүдө. Фармацевтика ө. ж. продукциясынын экспорттук баасы 3,8 млрд доллар.

Женил ө. ж. (кездеме, даяр кийим, бут кийим, териден, мехтен ж-а тыбыттан жасалган буюмдар кошо) К-дын ө. ж. дүн продукциясынын 8% ин өндүрөт. Текстиль ж-а тигүү ө. ж. продукциясынын үлүшү экспорттук наркты 13% ин түзөт. Салттуу ж-а эң өнүккөн тармагы – текстиль ө. ж., ал ийрилген жип, пахта, жибек, жүн, жут, кендир, кенеп, рами, хим. булардан токулган кездеме ж. б. өндүрүштөрдү камтыйт. К. текстилди өндүрүү б-ча дүйнөлүк лидер (2007-ж. 66 млрд *м* кездеме чыгарган); анын үлүшүнө дүйнөлүк экспорттук продукциянын $^1/_4$и туура келет. Кебез кездемеден ийрилген жип (20 млн *т*) ж-а токулган кездеме (23,6 млрд *м*) ата мекендик ж-а импорттук (Индия, АКШ ж-а Өзбекстандан алынып келинген) пахтадан даярдалат. Накта жибек кездеме чыгаруу К-да эзелтен өнүккөн. Тигүү ө. ж. дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн калкын арзан кийим-кече м-н камсыз кылат. Булгаары-бут кийим ө. ж. ашатылган тери, булгаары кийим, бут кийим, сумка, кол кап ж. б. чыгарат. К. – бут кийимди көп чыгарган (2006-ж. 10 млрд жуп бут кийим) ж-а экспорттогон (7,7 млрд жуп) өлкө. Экспорттун товардык структурасында пластика ж-а резина бут кийимдер (4,4 млрд жуп), ө. эле үстүн текстиль каптаган бут кийимдер басымдуу. Мехтен жасалган буюмдарды чыгаруу ж-а экспорттоо б-ча (дүйнөлүк экспорттун $^1/_4$ине жакыны) дүйнөдө алдынкы өлкөлөрдүн катарында (суу суусарынын териси ж-а андан тон тигүү, түлкү ж-а жанат сымал иттин териси ж. б.). К. ө. эле оюнчуктарды, карапа буюмдарын (фарфор, фаянс) чыгаруу ж-а экспорттоо б-ча дүйнөгө белгилүү.

Тамак-аш ө. ж. (даяр азык-түлүк товарлары, суусундуктар, тамеки кошо) ички рынокгунун муктаждыгын камсыз кылууга багытталган; негизги тармактары: ун тартуу, күрүч актоо, май, кант ж. б. өндүрүштөрү. К. тамеки продукцияларын чыгаруу ж-а пайдалануу б-ча дүйнөдө алдынкы орунда: кытай сигареталары адатта сапаты б-ча анча жогору эмес.

А й ы л ч а р б а с ы. К. – агр. продукцияны өндүрүүчү дүйнөдөгү ири өлкө; азык-түлүк ж-а

а. ч. сырьёлорун экспорттоо тез өсүп жаткан бирден бир өлкө. Азык-түлүк проблемасы негизинен 1980-жылдардын ортосунан чечилген, бирок ички рыноктогу азык-түлүккө болгон сурам-м-н сунуштардын ортосундагы тең салмактуулук дагы да болсо сакталууда. Тармактын өнүгүүсүнө тоскоолдук кылган маанилүү проблемалардын бири – айдоо жердин жетишсиздиги. К-да дүйнө жүзүнүн калкынын 22% и жашаса, ал эми айдоо жердин 10% и эле жайгашкан. Айдоо аянты 121,8 млн *га* (Сянган, Аомынь өзгөчө адм.-айм. райондорун, ө. эле. Тайвань кошпогондо). Айдоо жердин 55% тен ашык а-н кургак, 26% и суу каптачу, 19% тен ашыгы сугат жер. Эгин аянтынын (153,6 млн *га*) айдоо жердин жалпы аянтынан ашып кетет, анткени өлкөнүн айрым райондорунда жылына бир нече жолу түшүм алат.

А. ч-нда 348,7 млн адам иштейт (2006) же өлкөдөгү жалпы иштегендердин 39,5% и; өлкөдө 200,2 млн үй-бүлөлүк (дыйкан) чарбасы ж-а андан ири чарбалык бирдиктер (кооперация, компаниялар ж. б.) бар. А. ч-н модернизациялоо б-ча мамлекет тарабынан комплекстүү чаралар көрүлүүдө (а. и. финансылык жардам да бар). 2006-жылдан а. ч. салыгы толонбойт. Дан эгиндерин өстүргөн дыйкандар жогорку сапаттагы урук, техника, жер семирткич алууга дотация алат. А. ч-н өнүктүрүү б-ча мамл. айрым программалар, ө. эле айыл экономикасын модернизациялоо б-ча 6 чакан долбоор ишке ашырылууда, алар: а. ч. жерлерин үнөмдүү сугаруу; элди ж-а малды ичүүгө жарамдуу таза суу м-н камсыз кылуу; айыл жолдорун куруу; саз газын (метанды) тиричиликте пайдалануу; чакан айыл ГЭСтерин куруу; жайыттарды малга ынгайлаштыруу. Айдоо жердин 26,6% аянты электрлештирилип сугарылат; жерди үнөмдүү сугаруу б-ча жаңы технологияны кеңири пайдалануу, түштүктөгү дарыялардын бир бөлүгүн өлкөнүн түн. аймактарына жеткирүү долбоорлору каралууда.

К. дан эгиндин дүн жыйымы (2007-ж. 501,5 млн *т*; киши башына болуштургондо 384 *кг*дан туура келет) б-ча дүйнөдө 1-орунда турат; дан эгиндеринин орт. түшүмдүүлүгү бир *га*дан 53 *ц*ден ашык. А. ч. өлкөнүн азык-түлүккө ж-а жемге болгон ички муктаждыгын негизинен (күрүчкө 99,6%, буудайга 99,3%, жүгөрүгө 100%) канаат-тандыра алат.

К-дын негизги азыгы – күрүч. Дүйнөдөгү шалы аянтынын $^1/_3$и К-га таандык; жогорку сапаттуу элита сортунун аянты кеңейүүдө. Күрүч жыйноо б-ча (185,5 млн *т*; дүйнөлүк өндүрүштүн $^1/_3$) дүйнөдө 1-орунда. Күрүчтүн 65% ке жакыны Янцзы д-нын алабынан, 17% и К-дын түш. бөлүгүнөн, 12% и өлкөнүн шалы өстүргөн түн. ж-а түн.-чыгыш бөлүктөрүнөн (Хуанхэ, Ляохэ д-нын алаптарынын), 6% и Түш.-Батыш К-дан жыйналат. Экинчи маанилүү азык-түлүк өсүмдүгү – буудай (анын аянты 23 млн *га*); түшүмү



Юйнань провинциясындагы шалы палдары.

б-ча дүйнөдө 1-орунда (104,5 млн *т*). Маанилүү азык-түлүк ж-а тоют өсүмдүгү – жүгөрү (түшүмү 145,5 млн *т*; АКШдан кийинки 2-орунда). Ө. эле картошке (дүн жыйымы б-ча дүйнөдө 1-орунда), буурчак (негизинен АКШ, Бразилия, Аргентинага чыгарат) ж. б. Май алынчу өсүмдүктөрдөн – жер жаңгак (дүйнөдө 1-орунда), рапс, кунжут, күн карама ж. б. өстүрүлөт. Кант алынчу өсүмдүктөр (бал камыш, кант кызылча) өстүрүлүүчү аянт 1,8 млн *га* (2006). Жашылча ж-а мөмө-жемиши (алма, цитрус өсүмдүктөрү, жүзүм, шабдаалы, банан, манго, ананас ж. б.), ө. эле гүл өстүрүү өнүккөн. Чай өстүрүү б-ча дүйнөдө 1-орунда; 2007-ж. 1170 мин *т* чай жалбырагы жыйналган (дүйнөлүк жыйымдын 80% ке жакыны). Пахта жыйноо б-ча АКШ, Индиядан кийинки 3-орунду ээлейт (2007-ж. 7,6 млн *т*). К. пахтага болгон ички муктаждыгын камсыз кыла албайт.

К. – мал чарбасынын негизги түрлөрүн (эт, сүт, жумуртка, бал, жибек буласы ж. б.) даярдоочу дүйнөдөгү бирден бир өлкө; негизинен ички рыногунун муктаждыгын камсыз кылат. Мал чарбасынын өнүгүүсүндөгү негизги проблемалар – тоют базасын жакшыртуу, малды сугаруучу таза суу м-н камсыз кылуу ж. б. 2007-ж. К-да 139,6 млн чочко, 197,3 млн эчки, 172,0 млн кой, 7,2 млн жылкы ж-а качыр, 270 мин төө болгон. Ө. эле бардык жеринде үй куштары (тоок, ордок, цесарка, күрп ж. б.) асыралат. Калктын тамак-ашында балык ж-а деңиз продуктулары (моллюска, краб ж. б.) кеңири пайдаланылат.

К-дын экономикасынын алдынкы тармактарынын бири – т е й л о о ч о й р о с ү. Ага дүн ж-а чекене соода, транспортту, байланышты ж-а кампа чарбасын тейлөө, кыймылсыз мүлк операциясы, финансы жактан тейлөө, далдалчылык, мейманкана бизнеси, коомдук тамактануу, ө. эле билим берүү, саламаттык сактоо, адм. тейлөө, туристтерди тейлөө ж. б. кирет. К. улуттук банкы (алтын валютасынын резерви б-ча К. борб. банкы – дүйнөдө 1-орунда), саясий банктар (б. а. өнүгүү, А. ч. өнүктүрүү, Экспорт-импорт, Соода, ө. ж., Курулуш, ө. эле

көптөгөн коммерциялык ж-а кредиттик банктар, ж. б. камсыздандырууну тейлөөчү компаниялар, фонд биржалары (Шанхай, Шэньчжэнде), туристтерди тейлөөчү рынок ж. б. иштейт. Өлкөгө келген чет элдик туристтердин саны 6-ча (2006-ж. 22,2 млн турист) К. дүйнөдө 4-орунду (Франция, Испания, АКШдан кийин) ээлейт. Ички туристтердин саны 2006-ж. 1394 млнго жеткен (көбү – айыл жеринен келгендер), алардан түшкөн киреше 623,0 млрд юанды түзөт. Туризмдин негизги түрлөрү: маданий-таанып билүү (негизги борборлору: Пекин, Сиань, Шанхай, Гуанчжоу, Сянган, Ханчжоу), «кызыл» (элдик көтөрүлүшкө, революциялык окуяларга, ККПнин жетекчилеринин өмүр баянына ж-а ишмердигине байланыштуу жерлерге баруу); диний ж-а зыяратчылык; экол.; дарылоо-ден соолукту чыңдоо; этногр.; оюн-зоок; шопинг-турларга катышуу. 18,5 миң туристтик агентчилик иштейт.

Транспорт тармагы аймактар б-ча бирдей жайгашкан эмес; негизги транспорт коридорлору (меридиан ж-а кеңдик багытта кесилишкен магистралдары) өлкөнүн чыгышындагы ж-а түш.-чыгышындагы экон. жактан өздөштүрүлгөн аймактарды камтыйт; ага негизги жол тоом тармактары ж-а негизги транспорт агымдары туташтырылган. Автомобиль, авиация ж-а куур транспорттору өнүккөн. Т. ж-нун жалпы уз. 72,1 миң *км* (2006; анын 24,4 миң *км*и электрлештирилген). Т. ж. тармагынын меридиан б-ча кеткен негизги 6, кеңдик б-ча созулган 5 магистралы бар; о. эле жээк аралдарын кургактык м-н туташтыруучу паромдук катнаштар да арбын. Автомобиль жолунун жалпы уз. 3573 миң *км* (2007; жогорку ылдамдыктагы автомагистралдардыкы 53,6 миң *км*; эң жыш автомобиль жолдору өлкөнүн чыгыш бөлүгүндө). Суу транспорту өнүккөн. К-дын деңиздик коммерциялык флоту 1822 кемени (а. и. жүк, нефть, контейнер, автомобиль, жүргүнчү ташуучу кемелери, танкерлер, круиздик лайнерлер ж. б.) камтыйт. Универсалдык (жүк ж-а жүргүнчү ташуучу) ири порттору: Шанхай (дүйнөдөгү ири деңиз порту ж-а К-дагы жүк ташуучу негизги порт), Нинбо, Сянган, Тяньцзинь (Пекиндин аванпорту), Циндзо, Дальянь, Цинь-хуандао ж. б. Ички суу жолунун жалпы уз. 123,4



Гуандун провинциясындагы автомагистраль түйүнү.

миң *км*. Янцзы д-нын алабында кеме каттоочу каналдар көп, анда 1400дөн ашык дарыя порту бар. К-да 467 аэропорт бар (анын 147си жарандык; 2008). Эл аралык ири аэропорттору: Пекин-Шоуду, Сянган (Гонконг), Гуанчжоу, Шанхай-Пудун, Шанхай-Хунцяо, Шэньчжень ж. б. Магистралдык нефть куурларынын жалпы уз. 15256 *км*. Магистралдык газ куурлары да бар. Пекин, Шанхай, Тяньцзинь, Гуанчжоу, Ухань, Сянган ж. б. шаарларында метрополитен иштейт.

Экспортко чыгарган негизги продукциялары: машина куруу (а. и. электроника – компьютер, телекоммуникация жабдуулары ж-а прибор. ору, телевизор, уюлдук телефон ж. б.) ж-а электртехника (электр-тиричилик приборлору ж. б.) ө. ж-нын продукциялары, транспорт каражаттары (деңиз кемеси, автомобиль), жол куруу машиналары, даяр кийимдер, текстиль буюмдары, кара ж-а түстүү металлдар ж. б. Экспорттук соода шериктери: АКШ, Япония, Корей Респ., Германия. Негизги импорттук товарлары: машина куруу продукциялары (машина, жабдуулар ж-а приборлор, а. и. аларды комплекттөөчү тетиктер, агрегаттар, о. эле эсептөөчү техника каражаттары, оптика приборлору, тех. жабдуулар ж. б.), нефть ж-а күйүүчү-майлоочу материалдар, пластмасса ж. б. орг. химия продукциялары, кара металл продуктулары, жез ж. б. Импорттук соода шериктери: Япония, Корей Респ., АКШ, Германия.

Тайвань экономикасы өнүккөн регионго кирет. Региондук дүн продукциясынын (РДП)

Кытайдын акчасы – юань.





көлөмү 757,2 млрд доллар (2008); аны киши башына бөлүштүргөндө 33 миң доллардан туура келет. РДПнин өсүү темпи 1,7% (2008). РДПнин структурасындагы тейлөө чөйрөсүнүн үлүшү 71,1%, ө. ж. м-н курулуштуку 27,4%, айыл, токой чабаларыныкы ж-а токой промыселдериники 1,5%. Иштеп чыгуучу ө. ж. алдынкы орунда (ө. ж. продукциясынын дүн наркынын 94,8%и); негизги тармактары: машина куруу, химия, металлургия. Жогорку технологиядагы тармактар өтө тез өнүгүүдө, ага ө. ж. продукциясынын наркынын 60%ке жакыны туура келет, о. эле оптика-электрондук ж-а микробиология продукциялары да кирет. Көмүртектүү суутек энергетикалык ресурстарына болгон муктаждыктын 98%и сырттан алынып келинет. Континенттик шельфтен суткасына 10,6 миң баррель нефть өндүрүлөт, ал эми ички керектөөгө суткасына 950,5 миң баррель жумшалат. Керектелчү нефтинин негизги бөлүгүн Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүнөн алат. 2007-ж. континенттик шельфтен 400 млн $м^3$ табигый газ өндүрүп алган. 62 млн *т* көмүр сырттан, негизинен Австралиядан, К-дын башка региондорунан, о. эле Индонезиядан алат. Электр-станцияларынын аныкталган кубаттуулугу 45,1 миң *МВт* (2006). Өндүрүлгөн электр-энергиясынын (235,3 млрд *кВт·с*) 78,2%и ЖЭСке, 18,1%и АЭСке, 3,7%и ГЭСке таандык; 3 АЭС иштейт. Кара металлургиясы сырттан алынып келинген кокстелуучу көмүр ж-а темир рудалары м-н иштейт. Болот, жез, алюминий, коргошун, цинк өндүрөт. Машина куруунун негизги тармагы – электроника ө. ж. Жабдуу, а. и. микросхеманын бүт түрүн, о. эле компьютердик, оптика-электрондук ж-а телекоммуникациялык жабдууларды, ноутбук (дүйнөлүк рыноктун $^1/_3$ине жакыны), мобилдик телефон ж. б. чыгарат. Электр-техника ө. ж-нын эң негизги продукциялары – тиричилик электр-приборлору (а. и. муздаткыч, кир жуугуч машина). 2007-ж. 283 миң автомобиль (анын 96%и женил автомобиль) чыгарган. Алар негизинен чет өлкөлүк фирмалар м-н бирдикте же алардын линцензиясы м-н чет элдик автомобиль маркаларын (мис., «Nissan», «Buick», «Hyundai», «Toyota» ж. б.) чыгарат. О. эле мотоцикл, скутер, автомобиль ж-а мотоциклге тетиктерди, велосипед ж. б. экспорттойт. Химия ө. ж-нын башкы тармагы – нефть-химия; пластика, этилен, синтездик була, дары дармек, биотехнол. продукцияларды чыгарат. Женил ө. ж-нын текстиль тармагы өнүккөн. Текстилди К-дын башка региондоруна, о. эле АКШ, Вьетнам ж. б. өлкөлөргө сатат.

Тайвандын жеринин $^1/_4$и а. ч-нда пайдаланууга жарактуу. Күрдүү топурагы, жетиштүү нымы анда түрдүү өсүмдүктөрдү өстүрүүгө ыңгайлуу шарт түзөт. Дан эгиндеринин эң негизгиси – күрүч (шалы). Шалы эгилген жердин аянты 256 мин *га*, түшүмү 1,41 млн *т* (2007); экспортко чыгарат. Андан сырткары бал камыш, чай, мөмө-жемиш, жашылча, гүл өстүрүп, продукцияларын экспорттойт. Мал чарба продукциясы (негизинен чочко ж-а куш эти, жумуртка) ички муктаждыкты канааттандыра албагандыктан, аны негизинен импорттоп алат. А. ч. өндүрүшүнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу максатында жаңы технологияны колдонуу, фермерлерди колдоо, жаштарды айыл жерине тартуу (элет туризмин өнүктүрүү) б-ча ж. б. иш-чараларды жүргүзүүдө. Кармалган балыктын ж-а деңиз продукцияларынын $^1/_3$и экспортко кетет.

Тейлөө наркынын структурасында чекене ж-а дүн соода 26,2%, адм. тейлөө 14,4%, финансылык тейлөө ж-а камсыздандыруу 14,1%, кыймылсыз мүлк операциясы 11,4%, транспорт ж-а кампа чарбасы 8,4%, саламаттыкты сактоо ж-а социалдык камсыздандыруу 4,2%, ил.-тех. тейлөө 3,8%, мейманкана бизнеси ж-а коомдук тамактануу 3,0%, билим берүү 2,5%, калган тейлөөлөр 12,0%ти түзөт. Жерг. коммерциялык 39 банк (3313 филиалы м-н), 32 кытай ж-а чет элдик банк (бөлүмдөрү м-н), кредиттик кооперативдер ж. б. иштейт.

Тайванда транспорт тармагы өнүккөн. Автомобиль жолунун жалпы уз. 40,3 миң *км*, темир жолунуку 1438 *км*. Тайбэйде, Гаосюнде метрополитен иштейт. Эл аралык 7 деңиз порту бар. Деңиз соода флоту 635 кемени камтыйт, анын 11и Сянгандын, 525и Панама, Либерия, Сингапур ж. б. өлкөлөрдүн желектери м-н жүрөт. 18 аэропорту бар; анын экөө эл аралык мааниде.

Экспортко негизинен электрондук ө. ж. продукцияларынын, автомобиль тетиктерин ж-а запастык бөлүктөрүн, тиричилик-электр приборлорун, химикат, пластика, дары-дармек, текстиль продукциясын чыгарып, сырттан негизинен электрондук приборлордун тетиктерин, машина ж-а жабдууларды, нефть, органикалык химия продуктуларын, металл алат. Негизги соода шериктери: Япония, К-дын башка регионду (Сянган, Аомынь кошо), Түш.-Чыгыш өлкөлөрү (Тайланд, Малайзия, Индонезия, Филиппин, Сингапур, Вьетнам), АКШ, Европа кызматташтыгына кирген өлкөлөр, Корей Республикасы.

Ө. Бараталиев.

Билим берүүсү. Элдик рев-я жеңгенге чейин калктын 90% сабатсыз болгон. 1949-ж. баштап билим берүү системасы кайра түзүлгөн. 1956-ж. «маданий революция» учурунда билим берүү кризиске учураган. 1966–68-ж. бардык окуу жайлары иштебей калган. Окутуу 1968–69-окуу жылында гана кайра башталган. 1970-жылдары билим берүүнүн жаңы системасы түзүлө баштаган. Мектептер ачылып, ЖОЖдору калыбына келтириле баштаган. Мурдагы 12 жылдыктын ордуна, жалпы билим берүүчү 9 жылдык

мектеп киргизилген. 7 жашка чейинки балдар мектепке чейинки мекемелерде тарбияланган. Башталгыч мектепке 7 жаштан кабыл алынат. К-дын ЖОЖдору Пекин, Цинхуа, Фудань, Ухань, Нанкай, Нанкин ж. б. ш-нда жайгашкан. Учурда акысыз милдеттүү билим берүү каралган. Билим берүү б-ча 1986-жылдагы мыйзамы 2006-ж. кайрадан каралып жаңыланган. Жалпы билим берүү системасы мектепке чейинки, базалык, толук эмес ж-а толук орто билим берүү болуп бөлүнөт. Кесиптик билим берүү үч баскычтуу – башталгыч, орто атайын адистик ж-а жогорку. ЖОЖдо бакалавриат (4 жыл), аспирантура, магистратура (2–3 жыл), докторантура (3 жыл) о. эле адистешкен 2–3 жылдык ЖОЖдор иштейт. КЭРде 2 миңден ашык ЖОЖ бар. К-да академиялардын, ун-ттердин, элдик ж-а адистешкен китепканалар иштейт. Улуттук китепканалары: (1810, фонду 18 млн нуска, базасында 1999-ж. Улуттук электрондук китепкана түзүлгөн), Нанкиндеги (1907), Шанхайдагы (1952), Пекиндеги КЭР ИАнын борб. китепканасы ж. б. К-да 2300дөн ашык музей, а. и. Улуттук музейлери: Пекиндеги Гугун ак сарай комплекси (1420, 1914-жылдан музей), Шанхай байыркы иск-во, Улуттук музей, Көркөм-сүрөт галереясы, Геология музейи ж. б. иштейт.

Массалык-маалымат каражаттары. Жаңы стилдеги газета-журналдар 19-к-дын башында чыгарыла баштаган. К-да 2 миңден ашуун аталыштагы мезгилдүү басылмалар 35 млрд нуска м-н чыгат (2008). Жалпы элдик гезиттер: «Жэнминь жибао», «Гунжэнь жибао», «Цзефанцзюнь бао», «Чжунго циннянь бао», билим берүү, илим маселелерин: «Гуанмин жибао» гезити чагылдырат. Регионду ири гезиттери: «Сицзан жибао», «Синьцзян жибао», «Нанфань жибао», «Гуанси жибао». Негизги журналдары: «Цюши», «Женминь хуабао» ж. б. Радиоуктуруу 1927-жылдан иштейт. 1200гө жакын радиостанция бар (2008). К. эл аралык радиосу (1941) уктурууларды 38 тилде алып барат. Телекөрсөтүү 1958-жылдан жүргүзүлөт. 450дөн ашык телестудия (2008), Синьхуа (1931), Чжунго (1952) маалымат агенттиктери бар. 42 мамл., 90 менчик телерадио станциялары иштейт.

Адабияты. Кытай тилиндеги ад-т – дүйнөдөгү байыркы ад-ттардын бири. Башаты диний жөрөлгөлөргө байланышкан, болжолу б. з. ч. 6–5-миң жылдыкта неолит доорунун ырымжырымдарында музыка ж-а бий өнөрү м-н кошо поэтикалык ыр чыг-лыгы пайда болгон. Кытай тилиндеги алгачкы жазуулар төлгө сөөктөрүндөгү тексттер (б. з. ч. 14–11-к.), кийин коло эпиграфикасы (б. з. ч. 10–8-к.), алгачкы жазуу эстеликтери – Чжоу доорундагы конфуцийчилик ж-а даостук канондук чыгармалар болуп саналат. Бул мезгилде пайда болгон «вэнь» (жазуулар, жазуу) ж-а «ши» терминдери б. з. 1-к-на чейин ар кандай жазуу ж-а поэтикалык тексттерди түшүргөн. Кийин *конфуцийчиликте* жазуу сабаттуулук м-н мад-ттуулук сыяктуу эле мамлекеттин баштапкы негизи катары каралган; жазуу тексти агартуу, билим, тарбия берүү, насаат айтуу сыяктуу коомдук маанилүү иштерди аткарууга багытталган. Конфуцийчиликте поэзия өзгөчө мааниге ээ болгон. «Ыр китеби» антологиясы («Ши цзин», б. з. ч. 11–7-к.), К. тарыхындагы биринчи адабий-поэтикалык эстелик. «Беш канон» («У цзин») жыйнагынын конфуцийлик канондук китептердин бири болуп саналат ж-а түзүүчүсү Конфуций деп эсептелет. «Ши цзин» байыркы кытай поэтикалык чыг-лыгынын жанрдык ж-а тематикалык көп түрдүүлүгүн көрсөтүп турат. Анда көлөмү алты саптан 50чө, ж-а андан көп саптуу поэмаларга чейинки ар кандай жанрлардагы 305 чыгарма топтолгон. Байыркы К. ад-тынын башка эстелигинде – «Чу ырларында» К. түштүгүнүн поэтикалык салттары (кытайдын биринчи акыны катары эсептелген Цюй Юандын, о. эле Сун Юяндын чыг-лыгы) көрсөтүлгөн. Чу поэзиясына жерг. диндик-мифол. сюжеттер м-н образдарды пайдалануу мүнөздүү.

Батыш Хань ж-а Чыгыш Хань мезгилинде бекемделген. Автордук поэзияда башкы орунду фу одалары – ыр ж-а кара сөз кезмеш тешкен көлөмдүү чыгармалар (бир нече жүз сапка чейинки) ээлейт. Хань доорунун белгилүү акындары: Мэй Шэн, Цзя И, Сыма Сянжу, Ян Сюн, Чжан Хэн. Хань доорунун лирикалык мурасы о. эле элдик лирика ж-а сатира ырлары – юэфуда сакталган. К. баяндама прозасынын байыркы үлгүлөрү болуп саналат. Б. з. ч. 4–3-к. (мис., «Көктүн уулу Мунун өмүр баяны» ж. б.), о. эле түздөн-түз Хань дооруна («Учуп жүргөн чабалакей Чжаонун расмий эмес өмүр баяны» ж. б.) таандык деп эсептелет.

Б. з. ч. 6–3-к-нда К. поэзиясында негизги ролду ши ж-а юэфу сыяктуу лирикалык жанрлар ойной баштайт. Чыгыш Хандын кыйрашы, өлкөнүн майдаланышы кытай коомунун руханий дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөргө алып келет: инсандык баалуулуктар, адамдын ички эркиндикке болгон укугу алдынкы орунга чыгат. Сүйүү лирикасы өзгөчө гүлдөгөн, сарай турмушун, аял сулуулугун ж-а сүйүү ырахатын даңктаган («Нефрит мунарасынын жаңы ыргактары» жыйнагы) «сарайлык стиль поэзиясы» (гун ти ши, 6-к-дын 1-жарымы) пайда болгон. Бул мезгилдин ири акындары: Цао Чжи, Цзи Кан, Жуань Цзи (3-к.), Тао Юаньмин, Се Линъюнь, Бао Чжао, Юй Синь (6-к.).

3–6-к-да сюжеттик проза – сяошо калыптанган. Адеп «сяошо» карапайым калк ичиндеги ушак-айың сөздөрдү түшүндүргөн. Б. з. ч. 2–1-к-да эле бири да сакталып калбаган сяошо жыйнактары түзүлгөн. Сяошо аңгемелерин турмуштан тыш нерселерге кызыгуу, кереметтерге ишеним айырмалап турат (Гань Бао, «Арбактарды издөө жөнүндөгү жазуулар» жыйнагы, 4-к.). Будда темасындагы жыйнактар (Ван Ян, «Башка дүйнөдөн кабарлар», 5-к.) жыйнактар, тарыхый каармандар жөнүндөгү уламыштар м-н анекдоттор (Лю Ицин, «Мурунку жаңы имиштер», 5-к-дын 1-жарымы) жыйнактары өзгөчөлөнүп турат.

19-к-дын 2-жарымындагы К. коомундагы кризис ад-тка мазмундун курчтугу ж-а окурман үчүн жетимдүүлүк сыяктуу жаңы талаптарды койгон. «Айыпты ачуучу роман» (Лю Э, Ли Баоцзя, У Вояо, Цзен Пу) өнүгөт. К. интеллигенциясынын чет өлкөлөрдө болгон өкүлдөрү чет өлкөлөр ад-тынын тажрыйбасына кайрылышкан. 19-к-дын акырында акын ж-а дипломат Хуан Цзуньсянь поэзиянын тилин ж-а формасын жаңылоого чакырган.

20-к-дын башында ад-тчы Лян Цичао прозага жеңилдетилген «жаңы стиль» киргизген. Чет өлкөлүк чыгармалардын котормолорунун саны өскөн. Ошентсе да ад-ттагы чыныгы жаңылануу 1917-ж. «Жаңы жаштар» журналында Ху Шинин ад-ттын тили оозеки сөз, ал эми көркөмдүктүн критерийи чыныгы сүрөттөө болуш керек деген «Адабиятты реформалоо туурасындагы ойлор» аттуу макаласынын жарыяланышы м-н башталат. Жаңы ад-ттын алгачкы үлгүлөрү Лу Синдин «Жиндинин күндөлүгү» (1918) аңгемеси, Ху Шинин «Жашоодогу башкы иш» (1919) комедиялык пьесасы м-н «Тажрыйбалар» (1920) ыр жыйнагы болгон. «Төртүнчү май» кыймылынан (1919) кийинки улуттук аң-сезимдин өсүшү оозеки тилдеги 400дөй гезит-журналдардын пайда болушуна алып келди. Башкы орунду проза ээлеп, негизги жанр катары аңгеме (Бин Син, Е Шаоцзюн, Ван Тунчжао, Ян Чженьшендин чыг-лыгы) эсептелген. Поэзияда (Бин Синь, Кан Байцин, Шэнь Иньмо ж. б.) уйкаштыктан баш тартышып, верлибр м-н жазуу көп тараган. Драмада К. драматургиясынын салттарынан четтеп, батыш театрынын (Дин Силин, Хун Шэн, Тянь Хандын пьесалары) негиздерин өздөштүрө башташкан. 1921-ж. Пекинде түзүлгөн ад-тты окуп-үйрөнүү коомунун мүчөлөрү (Чжоу Цзожень, Шэнь Яньбин, Е Шаоцзюнь, Сюй Дишань, Ван Тунчжао ж. б.) сын реализмине умтулушкан. Ошол эле мезгилде Токиодо К. студенттери уюштурган «Чыгармачылык» коомунун катышуучулары (Го Можо, Юй Дафу, Чэн Фанъу, Чжан Цзыпин, Тянь Хань ж. б.) европ. романтизмдин ж-а модернизмдин нугунда жазышкан.

1927–37-ж. адегенде «Күн» (1927–30) коому, ал эми 1930-ж. баштап сол жазуучулардын Лигасы м-н сунушталган марксисттик багыттагы ад-т башкы орунду ээлеп турган. Аны Лу Синь жетектеген. Цзян Гуанцы, Мао Дунь, Дин Лин, Чжан Тяньи, Ся Янь, Е Цзы ж. б. иск-вого болгон марксисттик көз караштарды кабылдап, орус ж-а совет ад-тынын тажрыйбасын өздөштүргөн. Бир эле мезгилде бийлик тарабынан колдоого алынган улутчул ад-т да өнүккөн (Ван Пинлин, Хуан Чженся, Шао Сюньмейдин поэзиясы, Ли Цзаньхуа, Вань Гоандын прозасы). Саясаттан ж-а тема тандоодо эркин болууга либерал-жазуучулар (1920-жылдардын акырында «Жаңырган ай» коомунун мүчөлөрү: Сюй Чжимо. Лян Шицю, Ху Ши, Вэнь Идо ж. б.; 1930-жылдары Пекин тобу: Шэнь Цунвень, Чжу Гуанцянь, Ли Цзяньу; шанхайлык жазуучу-модернисттер: Е Линфэн, Ши Чжэцунь, Лю Наоу, Му Шинь) чакырган. Ушул мезгилде Ба Цзин, Лао Шэ, Мао Дундун романдары, Цзан Кэцзя м-н Ай Циндин эпикалык поэмалары, Цао Юй м-н Ся Яндын көп актылуу пьесалары жарык көргөн.

1937–45-ж-дагы ад-т үгүттүк багыт, оптимисттик ж-а каармандык рух м-н өзгөчөлөнгөн жомоктор, частушкалар, ырлар, театр оюндары колдонулган. Даректүү проза жанры өнүгүп, поэзияда декламациялык, дубал бетине жазылган ырлар сыяктуу жанрлар пайда болгон. 1940-жылдардын башында, Гоминьдандын көзөмөлүндөгү райондордун ад-тында коррупция, чиновниктердин моралдык жактан ириши, атайын кызматтардын террору ж-а улуттук кызыкчылыктарды сатуу сыяктуу темалар (Мао Дундун, Лао Шэнин, Ша Тиндин романдары, Го Можонун, Дин Силиндин пьесалары) алдыга чыккан; негизги орунду саясий сатира жанры ээлеген. Лу Лин, Ло Биньцзи, Яо Сюэин, У Минши, Хуан Гулинин прозасы, Юань Шуйпо, Цзоу Дифан, Ша Оунун поэзиясы, У Цзугуан, Юань Цзюн, Сун Чжидинин драматургиясы көрүнүктүү эмгектерден болуп калат. «Бошотулган райондордун» ад-ты 1942-ж. Мао Цзедунь белгилеген ад-т жумушчу-дыйкандардын ж-а аскерлердин кызыкчылыктарына кызмат кылып, өздөрүнө тааныш көркөм формаларды колдонушу керек деген талаптарга баш иет. Элдик ж-а жаңы адабияттын салттарын бириктирип, кыштактагы өзгөрүүлөр жөнүндө жазган Чжао Шули м-н Чжоу Либонун чыг-лыгын буга мисал. Сунь Линин, Лю Байюйдун, Цю Дунпиндин, Ма Фэндин, Кун Цзюэнин ж-а Юань Цзиндин прозасында армиянын проблемасы негизги орунга чыккан. Поэзияда Ай Циндин, Тянь Цзяндын, Кэ Чжунпиндин, Хэ Цифандын, Жуань Чжанцзиндин, Ли Цзинин таланттары ачылат. Хэ Цзинчжи м-н Дин И сол иск-вонун эң белгилүү чыгармаларынан болгон «Ак чач кыз» (1945) музыкалык драмасынын текстин жазышкан. Жарандык согуш мезгилинде (1946–49) «бошотулган райондордо» Чжоу Либонун, Дин Лин-

дин, Цао Миндин чыг-лыгы өзгөчөлөнгөн. Гоминьдандын көзөмөлүндөгү аймактарда жашаган жазуучулар барган сайын бийликке болгон катуу сын айта баштаган (Шэнь Цунвен, Ван Тунчжао, Ба Цзин, Дин Силин).

КЭР (1949) түзүлгөндөн кийин айрым адабиятчылар (Лао Шэ, Ба Цзинь, Цао Юй) чыг-лык эркиндиктен ыктыярдуу баш тартышып, ад-ттагы партиялуулук принцибин кабыл алышат; айрымдары (Шэнь Цунвэнь, ЦяньЧжуншу) жазбай калышат. Совет ад-ты К. ад-тына зор таасир тийгизген. 1950-жылдары темалар м-н сюжеттер негизинен үч маселе: социалисттик өзгөртүүлөрдү даңктоо (Чжао Шулинин, Ма Фэндин, Ли Чжундун, Цао Миндин, Чжоу Либонун, Лэй Цзяның прозасы, Ли Цзи м-н Жуань Чжанцзинин ж.б.), К. Коммунистик партиясынын рев-лык тарыхын даназалоо (Лю Байюнун, Сунь Линин, Ду Пэнчэндин, Чэнь Дэнкэнин, Кун Цзюэнин ж-а Юань Цзиндин романдары, Кэ Чжунпиндин ж.б. поэзиясы), амер. агрессияга каршы корей элине жардамга барган К. аскерлеринин эрдиктерин баяндоо (Вэй Вэйдин, Лу Линдин, Лао Шэнин прозасы, Тянь Цзяндын поэзиясы ж. б.) м-н чектелген. Өзгөчө орунду К. ж-а совет элдеринин достук темасы (Го Можо, Ай Цин, Цзан Кэцзя, Цзоу Дифан ж. б-дын поэзиясы) ээлеген. 1950-жылдардын акырында ад-тты саясатка багындыруу биротоло ишке ашкан, соц. реализмдин ордуна «революциялык реализм м-н революциялык романтизмдин бириккен» методу келген.

1966–76-ж. «маданий революция» мезгилинде профессионал жазуучулардын дээрлик баары репрессияларга тушуккан, чыны м-н адабий турмуш токтоп калган, иск-вонун уруксат берилген жалгыз түрү болуп, Мао Цзедундун идеяларын жайылткан 10 «үлгүлүү революциялык спектаклдер» гана эсептелген. 1970-жылдардын башында репрессияга туш болгон жазуучулардын бир бөлүгү акталып, бир нече адабий журналдар чыга баштаган. Мао Цзедундун өлүмүнөн кийин (1976) адабий турмуштун кайра жаралуусуна шарттар түзүлдү. Лу Синьхуанын, Лю Синьунун, Су Шуяндын чыгармалары «маданий революция» мезгилиндеги кылмыштардын айыбын ачышты; алардын себептерин терең андоо Ван Мэндин, Цун Вэйсинин, Фэн Цзицайдын, Чжан Сянъляндын чыгармаларына мүнөздүү. Адабиятка улуу мүүндагы жазуучулар кайрылышты (Ба Цзинь, Ай Цин ж. б.), жаштар келишти (Е Синь, Те Нин, Чжан Синьсинь ж. б.). Реформа ж-а тынык ачыктык саясаты 1980-жылдардын башында «реформа адабияты» агымын (Цзян Цзылун, Кэ Юньлу, Чжан Цзе ж. б.) пайда кылды, 1920–40-жылдарда К. жазуучуларынын (Шэнь Цунвен, Лао Шэ, Чжан Айлин ж. б.) чыгармаларын кайра карап чыгууну талап кылды, чет өлкөлөр м-н байланыш калыбына келди. Элдик мад-тка кайрылуу аркылуу эски салттар м-н болгон байланышты калыбына келтирүү аракеттерин жасаган «түп-тамырларды издөө адабияты» (Хань Шаогун, А Чэн, Цзян Пинва, Таши Дава ж. б.) пайда болду. Модернизмдин ж-а постмодернизмдин таасири м-н авангард ад-ты келип чыкты (прозада: Ван Шо, Юй Хуа, Гэ Фэй, Сунь Ганьлу, Лю Сола, Бэй Дао; поэзияда: Гу Чэн, Цан Сюэ, Шу Тин поэзияда; драматургияда: Ша Есинь, Гао Синцзянь, Лю Шуган драматургияда).

1990-жылдардын башында ад-ттын саясаттан арылуу процесси уланды. Неореализм (Чи Ли, Фан Фан, Янь Лянькэ), аялдардын психол. прозасы (Ван Аньи, Чэнь Жань, Сюй Кунь, Вэй Хуэй) өнүгө баштады. Цю Хуадун, Чжу Вэнь, Дяо Доу сыяктуу жазуучулар мурдагы салттарга туура келбеген «жекече жазуу» принциптерин колдоно башташты. Эротикалык, авантюралык ж-а детективдик жанрлар тарала баштады. Драматург ж-а прозаик Гао Синцзянь (1980-жылдардын аягынан Францияда жашайт). 2000-ж. КЭРде ад-т б-ча Нобель сыйлыгынын биринчи лауреаты болуп калды. Басё, Ли Бо, Ду Пэн-Чэнь ж. б. акын-жазуучуларынын чыгармалары кыргыз тилине которулган.

Э. Кылычев.

Архитектура жана сүрөт искусствосу. Неолит доорунан ушул күнгө чейин К. иск-восу тынымсыз өнүгүп келген. 5 миң жыл ичинде көркөм салттын эволюциясынын туруктуулугун этностук ж-а структуралык биримдик камсыз кылган. К. иск-восунун тарыхын династиялык мезгилдерге болуп карашат. К. иск-восунун өнүгүүсүнүн ар бир этабында жетишкен тех. жеткилендиги, көркөм чагылдыруунун толуктугу, эстетикалык ой толгоолордун жетилгендиги болуу катуу тарыхый формациялардын алмашуусунда кризистердин салакасынан сактап калган. 20-к-дагы археол. изилдөөлөрдө табылган карапа ж-а нефрит буюмдары Хуанхэ ж-а Янцзы дарыяларынын бассейндеринде б. з. ч. 10-к-дын аягында неолит мад-тынын болгондугун тастыктайт. Чжоу доорунда иск-во өнүгө баштаган. Каллиграфия өзүнчө иск-во катары эң жогорку баскычка жеткен. Археол.

Кытай императорунун сарайы.



табылгалар монументалдык ж-а жибекке тартылган живопись өнүккөндүгүн айгинелейт. Арх-рада жыгач курулуштар басымдуулук кылган: павильондор ж-а көп кабаттуу мунаралар курулган. Б. з. ч. 9–8-к. курулушта черепица, кыш колдонула баштаган. Коло м-н иштөөдө мом калыпка куюу, гравирлөө, асыл таштар ж-а асыл баалуу металл м-н инкрустациялоо өздөштүрүлгөн. Ырым-жырым буюмдарынын түрлөрү кеңейген (муз. аспаптар, нао, чжун коңгуроолору, гу барабаны, күзгү, тыйын, курал-жарак ж. б.). Цин ж-а Хан доорунда 2–3 кабат үйлөр, көп ярустуу мунаралар салынган. Улуу кытай дубалынын көп бөлүгү (б. з. ч. 221–207-ж.) курулган. Коло күзгүлөр,



Статуэтка. Коло. Б. з. ч. 1300–1100-ж. Саньсиндуй (Гуяньхань) музейи.

лак ж-а нефриттен буюмдарды жасоо өркүндөгөн. Жибек кездемenин ар кандай түрлөрү колдонула баштаган (бир өңчөйү, креп, газ, полихром). Индиядан буддизмдин келиши м-н (4–6-к.) К. арх-расында, живописте, скульптурада монументтүү формалардын пайда болушун, жаңы типтеги аска монастырларынын салынышын шарттаган (Юнгань, Майцзишань). 7–3-к-да (Тан ж-а Сун доору) мад-ттын бардык тармагы гүлдөгөн. Тан доорунда шаарлар кеңип, монументалдуу имараттар пландуу курула баштаган. Мин (1368–1644) ж-а Цин (1644–1911) доорлорунда арх-ра м-н жасалга-колдонмо иск-восу (Пекиндеги Юнхегун храмы ж. б.), эң жогорку деңгээлде өнүккөн. Бул доордо гектарлаган императорлук парктар (Пекиндеги парк комплекси, Ихэюань шаар жанындагы парк ж. б.), көп чоң эмес, шаар четиндеги бакчалар, храмдык парктар (Чжо чжэнъюань ж-а Сучжоудагы Лююань, Сиюань ж-а Шицзылинь паркы, Уси шаарындагы Юньтайюань паркы ж. б.) пайда болгон. Таш дөңчөлөр м-н агынды көлмөлөрдүн, идишке өстүрүлгөн гүлдөрдүн жайгашуусу (ички ж-а тышкы дубалдар, павильондор, беседкалар, галереялар, кеңейтилген аянттар ж-а жолчолор) Кытай бакчаларынын кенен арх-ралык формаларын айгинелейт. Фарфор өндүрүшүнүн борбору Цзиндэчжэнде (Цзянси провинциясы) жаңы формадагы буюмдар, алтын м-н кооздолгон феньцин техникасы пайда болгон. 19–21-к-дын башында арх-рада, шаар курулушунда, парктарды долбоорлоодо байыркы салттарды колдонушкан. Театр имараттарынын комплекси Дэхэюань (1882) ж-а Пекиндеги Ихэюань императорунун паркынын ансамбли (1888) 19-к-дын 2-жа-



Пекиндеги Ихэюань императордун сейил багы, 1888.

Линъюньшань тоосундагы Лэшань Чоң Буддасынын статуясы (Сычуань провинциясы). 8-к.



Пекиндеги. Бэйтань собору. 1887–89.



рымында белгилүү курулуштардан болгон. Жаны технологияны ж-а материалдарды (чоюн, цемент, бетон) колдонуу м-н 19–20-к-да Пекинде европалык стилде: Бейтан кафедралдык собору (Сишику, 1887–1889), Шанхайда Касиеттүү үчилтик собору, Шанхай клубунун имараттары курулган. Батыш арх-расынын жетишкендиктерин өздөштүрүшкөн ж-а чет мамл. архитекторлор (Г. К. Мерфи, Л. Э. Худек) м-н жаш кытай адистери (Лу Яньчжи, Ян Тинбао) иштешкен. 1912-ж. император бийлиги кулагандан кийин өз. ж-нын өнүгүшү м-н шаарлар өсө баштаган. Шанхайда ири курулуштар темир-бетон конструкцияларын колдонуп, чикаго мектебинин духунда, ар деко ж-а тарыхый стилдеги имараттар салынган. Орус-Азия банкы (1901, арх. Х. Беккер), Шанхай-Гонконг банкы (1923) Кытайдагы биринчи темир-бетон ж-а чоюн каркас конструкциялары колдонулган. 1949-ж. КЭРдин түзүлүшү м-н курулуштарда СССР арх-расынын тажрыйбасын эске алышкан. 1950–59-ж. микрорайондор, жасалга элементтерин азыркы арх-ра м-н айкалыштырган имараттар курулган: мис., «Пекин», «Достук» мейманканасы, Элдик өкүлдөрдүн бүткүл кытайлык чогулушунун имараты (арх. Чжао Дунжи), Кытай рев-ясынын музейи ж-а Кытай тарыхынын музейи (арх. Чжан Бо). КЭРде 1966-ж. «Маданий революциянын» башталышы м-н курулуш токтогон. Экономиканы либералдаштыруу тууралуу өкмөттүн чечими (1978) арх-ранын өнүгүшүнүн жаңы этаптын башталышы болгон. Кытай архитекторлору постмодернизм (Пекиндеги Цинхуа ун-тинин китепканасы, 1991, арх. Гуань Чжаое; Шанхай музейи, 1992–96, арх. Син Тунхэ) ж-а неомодернизм (Нанкиндеги япон баскынчыларына курман болгондорго мемориал, 1985, арх. Ци Кан;



Пекин. Борбордук телекөрсөтүү комплекси. 2002–08.

Пекинге жакын «Улуу Кытай дубалы коммунасы», 2002, архитекторлор Ян Хочан, Гари Чан, К. Кума, С. Бан ж. б.) стилиндеги долбоорлошкон. 2008-ж. Пекинде өткөн Олимпиада ири курулуш иштерин активдештирген (Олимпиадалык стадион, 2002–08; «Цифралык Пекин»



Му Ци. «Балыкчылар айылындагы күн батышы». Кагаз түрмөгү. 13-к. Недзу музейи (Токио).

маалымат борбору, 2005–08, архитекторлор Чжу Пэй ж-а У Тун). О. кылымда көркөм сүрөт искусуу жакшы өнүгүп, анын туундуларында гумандуулук идеясы чагылдырылган (У. Дао-цзы, Янь Ли-бэнь). Сүрөт иск-восунун өнүгүшүнө «гүл чымчык» (Бянь Луань, Сюй Си, Хуан Цюань), «окумуштуулар живописи» (Су Ши, Вень Тун, Ми Фэй) жанрларында иштегендер кыйла салым кошушкан. Мин ж-а Цин дооруларында кездемеге сүрөт тартуу – «кэ-сы» жогору өнүккөн. 20-к-дын биринчи жарымында көптөгөн каллиграфия мектептери кеңири багытта иштешкен. У Чанши, Кан Ювэй, Ли Жуйцин, Лян Цичао



Цянь Сюань. «Чжун Куянын саякаты». Жибек түрмөгү. Фрагмент 13 в. Мамлекеттик музей (Берлин).

ж. б. Каллиграфтар белгилүү Кытай живописи үчүн салт болуп калган «*гохуа*» багытында көптөгөн чеберлер өсүп чыгышкан: Пань Тяньшоу, У Чанши, Ци Байши ж-а Хуан Биньхун ж. б. Заманбап К. живописине ар түрлүү живопись мектептери ж-а стилдер мүнөздүү. Өзгөчө гохуа өнүгүүдө.

Музыкасы. К-дын салттык музыкасы 50дөн ашык улутту бириктирет: тай (жуандар, мяо-яо), түрк (уйгур, казак, кыргыз) элдери, тибеттиктер, моңголдор ж. б. К. музыкасынын тарыхы (б. з. ч. 6–5-к.) Инь (Шан) доорунан башталат (Хэнань провинциясынан табылган сөөк чоор ж. б.). Байыркы К-да колдонулган «юэ» «музыка» (юэ, бул соз 12-к-дан белгилүү) түшүнүгү поэзия, бий, көркөм сүрөт деген түшүнүктөрдү туюндурган. 3000 элдик ырларды, ырым-жырым гимндерин камтыган «Шицзинь» («Ыр китеп», б. з. ч. 11–6-к.) – элдик ыр өнөрүнүн көөнөрбөс эстелиги. К-сын салттуу оркестринде 100дөй аспап болот: сэ, цин, пипа (чертме), ху, эрху, сыху, баньху (жаалуу), сяо, пайсяо, шен (үйлөмө), барабан, конгуроо ж. б. Нота м-н бизге жеткен тунгуч муз. чыгарма – Цю Мин (6-к.) жазган «Юланьпу» пьесасы. Тан доорунда (7–10-к.) 5 атайын муз. мектеп, актёр труппалары уюшулган. 10-к-да Дуань Ань-Цзенин «Музыка жөнүндө жазуулар» деген муз.-теор. трактаты жазылган. Сун доорунда актёр ж-а комп. Вэй Лян-Фу, Мин доорунда Чжу Цзай-юй (12 баскычтуу үн катарынын системасын өркүндөткөн) муз. иск-вону өнүктүрүүгө салым кошкон. 1919-ж. «4-майдагы» кыймылдан кийин рев-ячыл маанай-



Ян Гуйфэй – пекин операсынын салттык кийимчен ж-а гримделген аял кейипкери.

дагы музыканттар патриоттук ырларды жаратышкан. «Маданий революция» музыка иск-восуна зор зыян алып келген. Окуу жайлар жабылып, көп музыканттар репрессияланган айыл жерлерине айдалган. КЭРдин түзүлүшү муз. мад-тын өнүгүшүнө зор түрткү болгон. Муз. коллективдер түзүлүп, опера жаратууга аракет жасалган. 1980-жылдары музыка мад-ты мамл. реформанын негизинде батыш мад-ты м-н бирдикте өнүккөн. Жаңы муз. окуу жайлар, жогорку муз. окуу жайлары калыбына келтирилген. К-дын муз. жогорку окуу жайлары батыш композиторлорунун техникасынын таасиринде «жаңы толкундагы» бир катар композиторлорду даярдашкан: Тан



Кылыч бийи.



Пекин операсынын павильону. Пекиндеги Жайкы ак сарай.

Дун (АКШда жашайт), Чэнь Циган (Францияда жашайт), Цзо Чжэньгуань (Россияда жашайт), Е Сяоган, Хэ Сюньтянь ж. б. Цзин Сяндын «Талаа» (1987), Го Вэнцзиндин «Жиндинин каты» (1994) опералары; Чень Цигананын «Кызыл чырактар» (2001) балети; симф. ж-а камералык муз. чыгармалар жаралган. Жаңы кытай музыкасына гонконгдун ж-а тайвандын ырлары таасир берген. Пекинде, Шанхайда эл аралык ж-а улуттук муз. фестивалдар өтүп турат. К-да 10 опера театры, 25 симф. оркестр, 25 муз. жогорку окуу жайлары, консерваториялар бар (2008).

Театры. К. театрынын башаты – элдик ырбий өнөрүн, о. эле акробатика, кылыч чабышуусу өзүнө камтыган бай си («жүз оюн») оюндары. 14 – 17-к-да К. театрынын биринчи чакан иян ж-а куньцуй жанрлары пайда болуп, анын негизинде 17–18-к-да банцзы, юэцзюй, циньцян ж. б. жанрдагы жерг. театрлар калыптанган. 19-к-да жерг. театрлардан К. театрынын жаңы жанры – пекиндик муз. драма (цзинси) түзүлгөн. Анда К. салттуу театрынын негизги белгилери топтолуп, актёр оюну сөз, ыр, бий м-н эриш-аркак корсотүлгөн. Грим м-н костюмда гүл ж-а



Салттык-театрдын «Асман падышалыгындагы дүрболон» спектаклинен көрүнүш. (Сунь Укун – маймыл падышасы).

оюм-чийим колдонулган. Репертуарына тарыхый мазмундагы пьесалар ж-а белгилүү романэпопеялар кирген. 20-к-дын 60-жылдарына чейин театр улуттук иск-вонун мыкты салттарын өркүндөткөн. К. театры 3 топко бөлүнөт: салттык, куурчак ж-а драмалык. Кытай салттык театры – музыканы, ырды, бийди, сценалык сүйлөөнү ж-а кыймылды бириктирген цирк



Цюаньчжоу ш-ндагы куурчак театрынын труппасы.

жанрынын ж-а шамдагайлык техникасын өздөштүргөн театр иск-восу. Сун доору куурчак театрынын алтын кылымы болгон. Репертуары кенири, цзацзюй пьесалары, тарыхый пьесалар коюлган. Куурчак жасоонун чеберлери өсүп чыккан. 1898–1905-ж. «сүйлөшүү драмасы» (хуацзюй) пайда болгондон драма театры өнүгө баштаган. 1910-ж. Ван Чжуншен ж-а Жень Тяньчжи Шанхайда драмалык актёрлорду даярдоочу «Гунцзян» театр мектебин ачышкан. 1920-ж. Пекинде театр окуу жайы, ошондой эле «Жаңы Кытай» театр коому түзүлгөн («Синь Чжунхуа»). Биринчи эркектер ж-а аялдар труппасы пайда болгон. 1930-ж. Шанхайда театр коллективдеринин солчул лигасы түзүлгөн (1931-жылдан – театр ишмерлеринин «Наньго шэ» солчул лигасы). Бир нече ишканаларда «көк блуза» труппасы түзүлүп, окуу жайларында көптөгөн ийримдер, үгүт бригадалары пайда болгон. Н. В. Гоголь («Текшерүүчү»), А. Н. Островский («Добул»), М. Горький («Түпкүрдө»), Г. Ибсен («Ийин») пьесаларын коюшкан. Ошол жылдары орус драмалары которулуп, *Станиславскийдин* системасы м-н таанышышкан. 1950-жылдардын башында М. Горькийдин, А. П. Чеховдун ошондой эле У. Шекспирдин, К. Гольдонинин пьесалары коюла баштаган. «Маданий революцияда» көп труппалар таратылып, театрлар жабылган. 1970–90-жылдарда борборлордо драма театрлары кайрадан жанданган. Пекин элдик иск-во театры, Шанхай драма иск-восу борбору, Шэньси провинциясынын элдик иск-во театры, Сиань ш-нын драма театры репертуарын кеңейткен, Тайванда авангарддык труппалар бар. К. Пекин элдик көркөм театрында белгилүү театр ишмери, режиссёр ж-а иск-во таануучу Цзяо Цзюйинь бир нече спектаклдерди койгон («Чайкана» спектакли ГФР, Франция, Япония, Канадада көрсөтүлгөн).

Киносу. К-да сырттан алынып келген кино тасмалары алгач 1896-ж. Шанхайда көрсөтүлгөн. Биринчи улуттук фильм 1905-ж. Пекинде тартылган («Динцзюнь тоосу» – классикалык баталдык спектаклден көрүнүш). Көркөм фильм 1913-жылдан чыга баштаганы м-н кинематография чет элдиктердин колунда болгон. К. фирмасы кино тартууну 1917-жылдан баштаган. 20-жылдардан киностудияларда патриоттук сезим ойготор фильмдерди коюшкан. Юань Линь-юй, Цзинь Янь, Юань Му-чжи сыяктуу таланттуу актёрлор өсүп чыккан. «Балыкчынын ыры» фильми (1935, реж. Цай Чу-шен) эл аралык баага арзыган. Японияга каршы согуштун мезгилинде (1937-45) кино өтө аз чыгарылып, 1945-жылдан кийин көбүнчө Голливуддун (АКШ) фильмдери көрсөтүлгөн. КЭР түзүлгөндөн кийин (1949) жумушчулар ж-дө тунгуч «Копуро» (реж. Ван Бинь) фильми тартылган. Кино ишканалары мамлекетке өткөндөн кийин «Кытай кыздары» (реж. Линь Цзы-фэн м-н Чжай Цян), «Болот солдат» (реж. Чень Инь), «Партия кызы» (реж. Линь Нун), «Ак чач кыз» (реж. Ван Бинь м-н Чжан Шуй-хуа) сыяктуу көркөм фильмдер чыгарылган. 1950-ж. Пекинде кинематографистер ин-ту түзүлгөн. «Маданий революция» учурунда (60-жылдардын 2-жарымы), жалан даректүү кино коюлуп, 1969-жылдан өкмөт мүдөөсүнө ылайык гана «үлгүлүү» фильмдер тартылган. 1976-жылдан кийин тыюу салынган фильмдер кайрадан коюла баштаган. 1979-ж. «Дяньин ишу» («Кино искусствосу»), «Дачжун дяньин» («Массалык кино») журналдары чыккан. Көркөм фильмдер тартыла баштаган (1981–105 фильм, 1984–144). Алардын ичинен: «Мээнеткечтин күлкүсү» (1979, реж. Янь Яньвэнь, Ден Иминь), «Башань тоосундагы түнкү жолоо» (1980, реж. У. Юнган, У Игун), «Дары» (1981, реж. Люй Шаолянь), «Баткан күндүн көрүсү» (1983, реж. Ван Хаовэй) ж. б. Тайванда психол. сюжеттердин жактоочусу, реж. Хоу Сяосянь – «Уулумдун чоң куурчагы» (1983), «Кайгылуу шаар» (1989) ж-а костюм боевигинин жанрында иштеген реж. Ли Ань «Андыган жолборс,

«Түнкү банкет» фильминен кадр. Режиссёр Фэн Сяоган. 2006.



жашырынган ажыдаар» (2000, «Оскар» сыйл.) фильмдерин тартышкан. Чжан Имоунун биринчи фильми «Кызыл гаолян» (1987) – жеке чыгылыгы м-н белгилүү болгон жаңы муундагы кинематографисттердин эркиндигин ачык көрсөткөн. «Баатыр» (2002), «Учуучу канжарлардын үйү» (2004), «Алтын гүлдүн каргышы» (2006) Чжан Имоунун акыркы иштеринен болгон. К. кинематографисттеринин фильмдери дүйнөлүк деңгээлге чыккан: Ван Цюаньандын «Айдын тутулушу» (1999, Экф сыйл., Москва) ж-а «Туя күйөөгө чыгат» (2007, Берлин, ЭКФтин башкы сыйл.); Цзя Чжанкэнин «Саньсяндан келген боорукер адам» (2006, прокатта «Натюрморт», Венециядагы ЭКФтин башкы сыйл.) ж. б. Сянган (1978-жылдан), Шанхай (1993-жылдан), Чанчунь (1995-жылдан) эл аралык кинофестивалдары өткөрүлүп турат.

Ад.: *Шнеерсон Г.* Музыкальная культура Китая. М., 1952; *Ащепков Е. А.* Архитектура Китая. М., 1959; Физическая география Китая. Под ред. В. Т. Зайчикова. М., 1964; *Алексеев В. М.* Китайская народная картина, М., 1966; *Лисевич И. С.* Древняя китайская поэзия и народная песня. М., 1969; *Семанов В. И.* Эволюция китайского романа. Конец XVIII – начало XX в. М., 1970; Новая история Китая. М., 1972; История Китая с древнейших времён до наших дней. М., 1974; *Федоренко Н. Т.* Древние памятники китайской литературы. М., 1978; *Торопцев С. А.* Очерк истории китайского кино. М., 1979; *Рифтин Б. Л.* От мифа к роману. Эволюция изображения в китайской литературе. М., 1979; Китайская Народная Республика. Политика, экономика, культура. 1980–2007. М., 1984–2008; *Серова С. А.* Китайский театр и традиционное китайское общество (16–17-к.). М., 1990; *Алексеева Н. Н.* Современные ландшафты зарубежной Азии. М., 2000; *Хаин В. Е.* Тектоника континентов и океанов (год 2000). М., 2001; *Алексеев В. М.* Труды по китайской литературе. М., 2002–2003; *Кравцова* М. Е. История культуры Китая. 3-е изд. СПб., 2003; *Серебряков Е. А., Родионов А. А., Родионова О. П.* Справочник по истории литературы Китая (XII в. до н. э. – начало XXI в.). М., 2005; *Кузык Б. Н., Титаренко М. Л.* Китай – Россия 2050: Стратегия соразвития. М., 2006; История Китая. Под. ред. А. В. Меликсетова. 4-е изд. М., 2007; *Портяков В. Я.* От Цзян Цзэминя к Ху Цзиньтао: Китайская Народная Республика в начале XXI в. М., 2006.

КЫТАЙ, Комсомол – Ысык-Көл обл-нун Жети-Өгүз р-нундагы кыштак. Ырдык айыл округуна караштуу. Ысык-Көл өрөөнүнүн түн.-чыгышында, Жети-Өгүз ж-а Ырдык сууларынын ортосундагы түздүктө, Бишкек – Каракол автомобиль жолунун боюнда, деңиз деңг. 718 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору Кызыл-Суу кыш-нан 24 *км* чыгыш тарапта. Балыкчы т. ж. бекетинен 211 *км*. Калкы 1000 ге чукул (2012); негизинен мал м-н алектенет. Негизги мектеп, китепкана, клуб, медпункт бар.

КЫТАЙДАГЫ «МАДАНИЙ РЕВОЛЮЦИЯ» – 1966–69-ж. интеллигенцияга каршы Кытайда өткөрүлгөн саясий компания; Мао Цзэ-дундун демилгеси м-н жүргүзүлгөн массалык кыймыл. 50-ж-дын аягында Кытай жетекчилигинде улуу державалык, улутчулдук маанай өкүм сүрүп, Мао Цзе-дундун тобу авантюристтик (гегемониялыкка умтулуу, антисоветтик багытта) «чоң секирик» саясатын жарыялаган. Бул саясатты турмушка ашыруу аракеттери Кытайдын эл чарбасын кризиске учуратып, экономикасын начарлаткан. Маочулардын ички ж-а тышкы авантюристтик саясаты өлкөдө, ККПнин жооптуу кызматкерлеринин арасында нааразылык туудуруп, Лю Шаоци ж-а Дэн Сяопин баш болгон оппозиция күч ала баштаган. Оппозицияны жок кылуу ж-а элди баш ийдирүү үчүн маочулар 60-жылдардын 2-жарымында «маданий революция» уюштурган. Анын жүрүшүндө мад-т эстеликтери жок кылынып, маданий нигилизм, антиинтеллектуализм жайылтылды, интеллигенция куугунтукталды. Маочулар армияга ж-а жаштардын алданган бөлүгүнө таянып, парт. ж-а мамл. белгилүү ишмерлерди жетекчиликтен четтетип, ККПнин көп мүчөлөрүн жазалашкан. Саясатта жүргүзгөн иштери үчүн Лю Шаоци м-н Дэн Сяопин «буржуазиялык реакционерлер» деп күнөөлөнүшкөн. Алардын ордуна келген жаңы кадрларды Мао Цзе-дундун идеяларын коргоого үйрөтүшкөн. Кытай эмес элдердин өкүлдөрүн кысымга алуу ж-а аларды ассимиляциялаштыруу күчөгөн. Совет-кытай чек арасын бузууну көздөгөн маочулар антисоветтик ушактыны кенири таратып, 1969-ж. куралдуу кагылышуу чыгарганга чейин барган. Мао Цзэ-дун өлгөндөн кийин К. «м. р.» расмий сынга алынган.

КЫТАЙДАГЫ ЭЛДИК БОШТОНДУК СОГУШ (1946–49) – Кытайдагы жарандык согуш. Бул бөштөндүк согуш Кытай КП жетектеген күчтөр м-н АКШ колдогон гоминьдан партиясынын ортосунда чыккан. Экинчи дүйнөлүк согуштун (1939–45) аягында Кытайды гоминьдан ж-а Кытай КПнин өкүлдөрү эки башка башкарып, гоминьдан аскерлери м-н элдик куралдуу күчтөрдүн кагылышуулары болуп турган. Кытай КПнин жетекчилиги м-н элдик-демокр. биримдик фронту калыптанган. Гоминьданчылардын армиясын Чан Кайши жетектеген. 1946-ж. жайында гоминьдан армиясы АКШнын колдоосу м-н бошотулган аймактарга жалпы чабуул жасап, алардын бир бөлүгүн, а. и. Кытай КП БК турган Яньань ж. б. шаарларды басып алган (1947, март). 1947-жылдын ортосунда Элдик-боштондук армия дыйкандардын колдоосу м-н контрчабуулга өтүп, бошотулган аймактарда дыйкандар рев-яга жигердүү катышып, гоминьдан башкарган аймактарда жапырт иш таштоолор, толкундоолор ж-а дыйкан көтөрүлүштөрү чыккан. Улуттук буржуазия м-н интеллигенциянын гоминьдандык режимге нааразычылыгы күчөгөн. Натыйжада Элдик-боштондук армия гоминьдан аскерлери м-н болгон салгылашта чоң ийгиликке жетип, өлкөнүн көп

жерин бошоткон. 1949-ж. апрелде Бэйпинде (Пекин) Кытай КП м-н гоминьдан делегациялары сүйлөшүп, Кытай КП талап кылган шарт б-ча граждандык согушту токтотуу келишимин түзүшкөн. Бирок гоминьдан өкмөтү ал келишимди аткарбагандыктан, Элдик-боштондук армия 1949-ж. 21-апрелде кайра чабуулга өтүп, 1950-жылдын башында Кытайды (Тибеттен башкасын) толук бошоткон. Гоминьданчылар АКШ-нын куралдуу күчтөрүнө баш калкалоо үчүн Тайвань а-на качкан. 1949-ж. 30-сентябрда Кытай элдик саясий кеңеши Элдик өкмөт түзүп, 1949-ж. 1-октябрда Кытай Эл Респ-нын түзүлгөндүгү жарыяланган.

КЫТАЙ ЖАЗУУСУ – сөз же морфемаларды туюнтуу үчүн иероглифтер пайдаланылган жазуу. Иероглифтер б. з. ч. 2-миң жылдыктын орто ченинде пайда болгон. Б. з. 1-к-нда иероглифтерди жазуунун азыркыдай стили – к а й ш у («үлгү жазуу») иштелип чыккан. К. ж-ндагы



жалпы белгилердин саны болжол м-н 50 миң. Азыркы кытай тилинде анын 4–7 миңи пайдаланылат. Кытай салтында иероглифтер 6 категорияга бөлүнөт. Азыр аларды 3 топко ажыратышат: 1) п и к т о г р а м м а л а р м-н и д е о г р а м м а л а р. Буларга байыркы жөнөкөй белгилер кирет; 2) ф о н о г р а м м а л а р (иероглифтердин көбү) – создүн маанисин ж-а айтылышын туура табууга жардам берүүчү «ачкычы» бар татаал белгилер; 3) «кабыл алынган» иероглифтер – мурда белгилүү бир түшүнүктү туюнтуу үчүн колдонулуп, кийин башка сөздү белгилөө үчүн пайдаланылып калган иероглифтер.

КЫТАЙ-КОРЕЙ ПЛАТФОРМАСЫ – Кытай м-н Кореянын басымдуу бөлүгүн ээлеп жаткан байыркы платформа. Хуанхэ д-нын төмөнкү алабын, Корей ж. а-н, Сары деңиздин түбүн кучагына алып, ичке тилке түрүндө батышка созулуп жатат да, Ички Моңголия аркылуу кетет. Чыгыш жак фундаменти кембрий мезгилине чейинки бүктөлүүдөн турат. Корей, Ляодун ж. а-дары, Пекиндин батышы көтөрүлүүгө учураган. Мында мигматит, гнейс, кристаллдуу сланец сыяктуу метаморфизм тектери ж-а гранит кездешет. Андагы аншань сериясында (астынкы протерозой) темирлүү кварциттин ири кени жатат. Платформанын ичкерген бөлүгү кийин жатат. Платформадан түзүлгөн. Фундаменти байкал бүктөлүү циклине туура келет. Протерозой, палеозой, кээде триас м-н юра мезгилиндеги тектерден таш туз, пермде боксит кени орун алган. Платформа Түн. Кытай, Түш. Кытай, Түн.-Чыгыш Кытай, Алашань, Тарим, Цайдам, Тибет массивдерине бөлүнөт. Бейшань, Алтынтаг, Хэндуаншань, Жунгар сыяктуу ири структураларга ажырайт. Башка платформалардан киймылдуу, туруксуз келет. Тарим, Жунгар массивдери нефть м-н газга бай. *К. Сагындыков.*

КЫТАЙЛАР (оздөрүн хань деп аташат) – эл, КЭРдин негизги калкы. Сингапур, Түш.-Чыгыш Азияда (Тайланд, Индонезия, Мьянма, Филиппин, Вьетнам, Камбожа, Бруней) ж-а Чыгыш Азияда [Сянган, Аомынь (Макао), Япония, Корея], о. эле АКШ, Канада, Европа, Россия, Африка, Австралия, Океанияда да жашашат. Жалпы саны 1,3 *млрд* киши (2000), а. и. КЭРде 1137,4 млн; Тайванда 22,5 млн; Сянганда 6,6 млн; Аомында 0,4 млн (2008). Айрым маалыматтар б-ча К. хань-тибет, малайя-полинезия, мопкхмер, тохар ж-а алтай тилдеринде сүйлөгөн кочмон уруулардын аралашуусунун негизинде калыптанган. Синологиялык ил. пикир б-ча Кдын түпкү теги Хуанхэ д-нын орто ж-а төмөнкү агымында б. з. ч. 4–3-миң жылдыкта Яншао, Луншан неолит мад-тын түзгөн уруулар болгон. Б. з. ч. 21–8-к-да Кытайдын азыркы аймактарында түрдүү уруулардан турган көптөгөн мамлекеттер болгон. Батыш Чжау династиясы бийлеген доордо Хуанхэ м-н Янцзы д-нын төмөнкү агымында жашаган уруулар Хуася этностук коомун түзгөн. Чжанго доорунда Кытайда бири бири м-н жоолашкан жети бирдей падышалык өкүм сүргөн, а. и. эң күчтүү падышалык Цинь Шихуанди б. з. ч. 221-ж. алты падышалыкты өзүнө багындырып, Кытай тарыхындагы биринчи мамлекет – Цинь империясын түзгөн. Бирок көп узабай б. з. ч. 206-ж. бийликке Хань династиясы келген. Байыркы кытай эли ошол кезде калыптанган. Кытай элинин этностук аталышы – хань да ошо династиянын аты м-н байланышкан. 618– 907-ж. Тан династиясынын мезгилинде Кытайдын мад-ты гүлдөгөн. Хань доорунда пайда болгон Улуу Жибек жолунун ролу артып, коңшу жашаган каршылаш элдер м-н саясий-маданий байланыштары күчөгөн. 10–13-к-да Сун династиясынын мезгилинде Кытай экиге (түн., түш.) бөлүнгөн. Түндүктө адегенде моңгол тилиндеги кидандар (андан орустун «китай» деген созу пайда болгон), андан кийин тун-



Кытай аялдары музыкалык аспаптар менен. 19-к.

гус-манжур тилинде сүйлөгөн чжурчжендер үстөмдүк кылган. Кытай династиясы башкарган түштүккө К-дын түндүктөн келиши күчөгөн. Кытайдын азыркы аймагындагы мамлекеттерди моңголдор басып алган. Моңголдорду куулчыккандан кийин Мин династиясы убагында (1368–1644) К-дын Хуанхэ ж-а Янцзы д-ныбалаптарынан Түштүккө көчүшү уланган. Кытайдын азыркы чек арасы маньчжурдун Цин династиясы мезгилинде (1644–1911) калыптанып, 1949-ж. КЭР болуп түзүлгөн. Цин империясынын атынан К. Chiha, Чин, Кытай деп да аталат. Кытай тилинде сүйлөшөт. К. конфуцийчилик, даосизм ж-а буддизмди тутушат. О. к-да Кытайдын түн.-батыш аймактарына ислам дини, кийинчерээк христиан диндери тарай баштаган. К. негизинен дыйканчылык (күрүч, чай, пахта, тамеки ж. б.) м-н кесиптенишет. К-дын тамак-ашы – негизинен күрүч, балык, эт азыктары. Аял м-н эркектин салттык кийимдери бычылышы ж-а тигилиши б-ча көп айырмаланбайт. Капталдары тилинген кыска көйнөк, кенен шым ж-а кездемеден тигилген бут кийимдерди кийишет. Коктөм, Цинмин, Дуакоу, Чжунцю ж. б. улуттук майрамдарды майрамдашат. *А. Сагынбекова.*

КЫТАЙ ТАРЫХЫЙ ДАРЕКТЕРИ – Кытай мамлекетин б. з. ч. 2-к-дын башынан б. з. 18-к-нын аягына чейинки мезгилде башкарган династиялардын хроникалары. Негизинен Кытай ж-а аны



башкарган династиялардын, о. эле түн., түн.-батыш ж-а батышында жашаган эл ж-а уруулардын тарыхы баяндалган. К. т. д. алгач эркин баяндама («лечжуань»), б. з. ч. 2-к-дан Сыма Цяндын сунушу б-ча хроника түрүндө жазылган. Биринчи династия тарыхы «Тарыхый жазмалар» («Ши-цзи») деген аталышта болжол м-н б. з. ч. 186-ж. чейин жазылып, Кытайдын пайда болушунан б. з. ч. 2-к-ды камтыган, анда б. з. ч. 203–201-ж-дагы окуяларга байланыштуу хунн, динлин, синьли уруулары м-н бирге кыргыздардын (ге-гун) тарыхына тиешелүү өтө сейрек маалыматтар кездешет (к. Кыргыздар). Б. з. 1-к-нда жазылган «Байыркы Хан тарыхы» («Цянь Хань шу»), 3-к-дагы «Үч династиянын тарыхы» («Сань го чжи»), 5-к-дагы «Сонку Хан тарыхы» («Хоу Хань шу») Хан династиясынын баскынчыл саясатына арналган. 7–8-к-дардагы «Чжоу тарыхы» («Чжоу шу»), «Түндүк династиянын тарыхы» («Бэй ши»), «Суй тарыхы» («Суй ши»), 10-к-дагы «Байыркы Тан» («Цзю Тан шу»), «Тан династиясынын жаңы тарыхы» («Синь Тан Юань ши») ж-а 13–14-к-дагы «Сун» («Сун ши»), «Юань» («Юань ши»), «Ляо» («Ляо ши») тарыхтары о. к-дагы империялардын түзүлүшү, алардын кыйрашы ж-до тарыхый кабар берсе, жаңы доорго тийиштүү маалыматтар Цин империясынын хроникаларында баяндалган. Бирок байыркы ж-а о. к-дагы К. т. д-нде жылдар так көрсөтүлбөй, бир эле элди ар башка аттар м-н атоо, же бир эле жерде ар мезгилде жашаган түрдүү элди бир эл катары саноо; геогр. жайгашуулардын түшүнүксүздүгү (мис., кытай тарыхчы-географтары өзүлөрүнүн түн.-чыгыш, түн., түн.-батыш чек араларын иш жүзүндө түн. деп көрсөтүшкөн); сөз башына келген каткалаң үнсүздөрдүн озгорүлүшү же жутулуп айтылышы; иероглифтин өзгөчөлүгү; энчилүү аттардын байыркы кытай тилине, андан орус тилине которулушу (мис., «Ала-Тоо» – «Бэй-шань» – «Белая гора», «Кара-Тоо» – «Цин-шань» – «Чёрная гора», «Тёмная гора»); о. эле ылакап ат м-н берилиши ж. б. аны пайдалануда кыйынчылыктарды туудурган. К. т. д-и Н. Я. Бичурин (Иакинф), В. П. Васильев, В. Шотт, Э. Шаванн, Н. В. Кюнер, Л. И. Думан, В. С. Таскин, А. Г. Малявкин, Е. И. Кычанов, Ю. А. Зуев, Г. П. Супруненко ж. б. синолог-окумуштуулар изилдеп которушкан.

Ад.: *Кюнер Н. В.* Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока. М., 1960; *Яхонтов С. Е.* Древнейшие упоминания названия «киргиз» // Советская этнография. 1970. №2; История Киргизской ССР с древнейших времен до наших дней. В 5-и томах. Ф., 1986; *Бартольд В. В.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. Б., 1996; *Бернштам А. Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана (в 2-х томах). Б., 1998; *Бичурин Н. Я. (Иакинф).* Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. Т. 1. А., 1998; *Аристов Н. А.* Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. Б., 2001; Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 1–2. Б., 2003; Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана //Сост. Т. Д. Джуманалиев. Б. 2007. *Э. Турганбаев.*

КЫТАЙ ТИЛИ – кытайлардын тили; КЭРдин расмий тили. Тибет тилдеринин тобуна кирет. К. т-нде Тайвань, Сингапур, Индонезия, Лаос, Вьетнам, Бирма, Таиланд, Малайзия кытайлары сүйлөшөт. К. т. 7 негизги диалектилик топко болунөт: түндүк, у, сян, гань, хакка, юэ, минь. Диалектилеринде тыбыштык айырма чоң болгондуктан, алардын өкүлдөрү бири-бирин түшүнүүсү кыйын же түшүнүшпөйт. Бирок диалектилердин граммат. түзүлүшү, негизги курамы бир. Байыркы кытай жазма даректери б. з. ч. 2-миң жылдыктын 2-жарымында пайда болгон деп болжолдонот. Байыркы адабий эстелиги – «Шуцзин» («Тарых китеби») ж-а «Шицзин» («Ыр китеби»). Байыркы кытай адабий тили (вэньянь) ошол кездеги диалектилердин негизинде түзүлгөн. Ал ар кандай өзгөртүүлөр м-н 20-к-га чейин колдонулган. Б. з. 1-миң жылдыгынын башында жазма тилдин жаңы үлгүсү – б а й х у а (жөнөкөй, түшүнүктүү тил) пайда болгон. Байхуа жалпы элдик К. т-не негиз болуп, п у т у н х у а (жалпыга түшүнүктүү тил) аталган. 20-к-дын 1-жарымында путунхуа ченьянды сүрүп чыгарып, кытайдын улуттук адабий тилине айланган. Анын фонет. нормасы катары Пекин говору алынган. Байхуанын калыптанышы м-н К. т-де эки муундуу сөздөр көбөйгөн ж-а сөз, форма жасоочу аффикстер, жөнөкөй муундуу сөздөр пайда болгон. Путунхуада 414 муун, 4 түрдүү тон бар; ар бир муун 2ден 4кө чейинки вариантка ээ. К. т-де башка тилдерден түз кабыл алуу болбосо да, семантика, калька жолу м-н кабыл алуу ыгы колдонулат. Аффикстери анча көп эмес, алар агглютинация жолу м-н жалганат. К. т. БУУнун расмий ж-а жумушчу тилдеринин бири болуп эсептелет. Жазуусуна иероглифтер пайдаланылат.

КЫТАНДАР (Ardeidae) – кунас сымалдар түрүмүндөгү тукум. Салмагы 130дан–2 *кг*га чейин жетет. Денеси сүйрү, мойну, буту узун. Тумшугу учтуу, узун, уч жагында тишчелери бар. Шыйрагы жүнсүз, канаты кыска, жазы, күйругу кыска, түрдүү түстө (саргыч, күрөң, көгүш, айрымдары ак). 32 уруусу, 66 түрү түндүктөн башка



бардык жерлерде таралган. КМШ өлкөлөрүндө 12 уялоочу түрү кездешет. Алар суу боюнда жашап, майда балык, бака, курт-кумурска, айрымдары жумуртка ж-а балапан жейт. Жай учат. Бакта топтолуп уялайт, 3–7 жумуртка тууйт. Балапандарын кулгуп азыктандырат. Көпчүлүгү азыгын күүгүмдө, түнкүсүн издейт.

КЫЧАН, Д ү й ш ө к е Жакыпов [1919, Ивановка р-ну, Ажырык-Барат кыш. (азыркы Ысык-Ата р-ну, «Социалчыл» айылы) – 27. 8. 1933, ошол эле жер] – каарман пионер. Ал Совет бийлигин орнотууда, анын саясатын (жаңы экон. саясат, тап күрөшү, кулакка тартуу ж. б.) ишке ашырууда ага каршы чыккан кулактардын, кожо-молдолордун карасанатай иштеринин бетин ачкан. Жакын тууган, бирге окуган курбуларынын айтуусу б-ча К. респ-да а. ч-ны коллективдештирүү мезгилинде айылына жардам берип, жайкы эс алуу учурунда талаада чөмөлө салып, кырманда моло таш тартып иштеген. 1933-ж. ошол айылдагы Жумаалы аттуу адам 2 уй уурдап баратып, Жар-Башыга жетип алуу үчүн айылдын бадасын кайтарып жүргөн мектеп окуучусу К-дын атын сураган. К. баш тартканда, аны бычактап өлтүргөн. Ал окуган мектепке, айыл-кыштак, шаар көчөлөрүнө ысмы берилип, пионердик дружиналар түзүлгөн. Бүткүл союздук пионер уюмунун Ардак китебинде алтын тамга м-н жазылган.

Ад.: *Бейшеналиев Ш.* Кычан. Ф., 1956; *Ашыралиев Т., Борбугулов К.* Баатыр пионерлердин баяны. Ф., 1971; *Эсенкул Торокан уулу.* Кыргыздын кыскача санжырасы. Т. 1. Б., 1995. *Э. Турганбаев.*

КЫЧКАЧ – чок, чычала, ысык темир ж. б. кыпчып кармоого ылайыкталган саптуу курал. Ал темирден жасалып, эки учу учтуураак келип, жаактары бүкүрүнкү шакектелет. К. айрым жерлерде а т а ш к о с о о, а т а ш к ү р ө к, л а к ш е г е р, к ы п ч у у р деп да айтылат.

КЫЧКЫЛДАР, к. *Оксиддер.*

КЫЧКЫЛ ЖААН-ЧАЧЫН, к. *Кислоталуу жаан-чачын.*

КЫЧКЫЛТЕК (лат. Oxygenium), O – элементтердин мезгилдик системасынын VI тобундагы хим. элемент; ат. н. 8, ат. м. 15,9994. Табиятта кычкылтектин массалык сандары ^{16}O, ^{17}O ж-а ^{18}O болгон 3 туруктуу изотобу кездешет. Эркин түрүндө эки модификацияда O_2 ж-а O_3 (озон) болот. К. металл эместердин ичинен эң активдүүсү (фтордон кийинки). Таза түрүндөгү К-ти биринчи жолу 1772-ж. швед химиги К. Шееле KNO_3, $NaNO_3$, $Mg(NO_3)_2$ден, 1774-ж. англ. химик Ж. Пристли HgOдон болуп алган. 1775-ж. фр. химик А. Лавуазье абанын курамын аныктап, ал К. м-н азоттон турарын айткан ж-а кислоталардын курамына киргендиктен, oxygene – «кислота пайда кылуучу» деп атаган. К. эң кенири таралган элемент. Атм-да массасы б-ча 23,10%, колому б-ча 20,95%ке чейин болот ж-а ал азоттон кийинки 2-орунду ээлейт. Гидросферада 85,82%, литосферада 52,8%ти түзөт. Курамында К. бар 1400дөн ашуун минерал белгилүү. Окистенүүнүн, күйүү, чирүү ж-а дем алуунун натыйжасында атм-да азайып, өсүмдүктө жүрүүчү *фотосинтез* кубулушунда болүнүп чыгуучу К. м-н толукталат. К. жытсыз, даамсыз, түссүз газ. Абадан бир аз оор, сууда аз эрийт. Сууда жашаган тирүү организмдер үчүн К-тин эригичтигинин мааниси өтө зор. –182,9°С ж-а нормалдуу басымда К. көгүлтүр түстөгү суюктук; –218°Сде көк түстөгү катуу кристаллга айланат. К. гелий, неон ж-а аргондон башка бардык элементтер м-н хим. бирикмелерди пайда кылат. Au, Pt, Xe, Kr ж-а галогендерден башка элементтер м-н түздөн-түз аракеттенет. Фтордон башка жөнөкөй заттар м-н болгон реакцияларында окистенткич болуп саналат. Кээ бир заттар, мис., азот оксиди кандын гемоглобини К. м-н бөлмө темп-расында биригет. К-тин катышуусундагы реакциялардын мүнөздүү өзгөчөлүгү – жылуулукту ж-а жарыкты бөлүп чыгаруусу болуп саналат. Мындай процесс *күйүү* деп аталат. К. суутек м-н реакцияга кирип, сууну пайда кылат. Реакция катализатордун катышуусунда 80°–100°Сде тез жүрөт. 500°Сден жогорку темп-рада реакция жарылуу м-н жүрөт. Катализаторлордун катышуусу м-н көп окистенүү реакциялары тездейт. К. күкүрт, селен, теллурдан айырмаланып, 2 валенттүү. Суутек м-н кадимки темп-рада өтө жай, 550°Сдан жогорку темп-рада жарылуу м-н, ал эми күкүрт, көмүртек, азот, фосфор м-н да кадимки шартта жай кошулат. К. дээрлик бардык металлдарды окистендирет. К. мезгилдик системанын II тобунун элементтери м-н реакцияга кирет. Мис., Ba 20–25°Сде, Mg ж-а Be 500°Сден жогорку темп-рада күйөт. Реакциянын натыйжасында оксиддер ж-а пероксиддер пайда болот. Zn, Ca, Hg м-н жогорку темп-рада гана аракеттенет. III топтун элементтери темп-ранын таасиринде гана аракеттенет да, оксиддерди пайда кылат. Ti, Zr, Hf К-тин таасирине туруктуу. К. көмүртек м-н реакцияга киргенде CO_2 пайда болуп, көп жылуулук бөлүнүп чыгат. Азот м-н 1200°Сден жогорку темп-рада гана аракеттенип, NOну пайда кылат. NO андан ары NO_2 чейин кычкылданат. VI топтун элементтери S, Se, Te бир аз ысыткanda эле К. м-н аракеттенет. W ж-а Mo элементтеринин окистениши 400°Сде байкалат. Лабор-да К. оксиддерди, пероксиддерди, окси к-талардын туздарын (KNO_3, $KClO_3$, $KMnO_4$) термиялык ажыратуу м-н алынат. Ө. ж-да К. абанын курамынан – 40°Сде ж-а 40 атм. басым астында суюктукка айлантып, ректификациялоо жолу м-н алынат. Техникада К. металлдарды ширетүүдө, кесүүдө, авиацияда, суу астындагы сүзүүчү кемелерде ж-а медицинада дем алуучу газ катары, металлургияда, жасалма суюк отун-

дарды, күкүрт, азот к-таларын, сода ж. б. хим. заттарды алууда, жардыруу иштеринде колдонулат. *Д. Сатыбалдиев.*

КЫЧКЫЛ ТОО ТЕКТЕР – курамында кремний к-тасы көп (65–70%) кездешүүчү магма тоо теги. Мында кремний к-тасы кварц минералы түрүндө жолугат. Айрым учурда аморфтуу массаны түзөт. Мындай тектерге гранит, гранодиорит, кварц порфирит, липарит, дацит, обсидиан мисал болот, к. *Магма тоо тектери.*

КЫЧЫ (Barbarea) – кайчы гүлдүүлөр тукумунун капусталар уруусундагы бир же эки жылдык чөп өсүмдүк. Уругунан май алуу үчүн өстүрүлөт. Ичке өзөк тамырлуу. Сабагы (бийикт. 1 *м*дей) тик, бутактанып өсөт, боз чаңгыл кебер м-н капталган. Ылдыйкы жалбыректары саптуу, жогоркулары сапсыз. Гүлү сары, жыттуу, узун чачык сымал. Мөмөсү саадак (уз. 3–5 *см*), уругу майда, кара күрөн, тоголок. 1000 уругунун салмагы 1,5–3,2 *г*. К-нын жаздык ж-а күздүк түрү бар. Жаздык К-нын уругунда 29–34%, күздүгүндө 45% май болот. Ал самын кайнатуу ө. ж-нда, майлоочу майга кошунду катары пайдаланылат. Тазаланган майы тамак-ашка кошулат. Кадимки К. – отоо чөп. Афганстан, Индия, Иран, Кытай, Европада дан өсүмдүк катары эгилет. Гектарынан 15–16 *ц*ден урук алынат. Зыянкечтери: жер бүргө, рапс шиш тумшугу; К. дат илдетине чалдыгат.

КЫШ – Жердин Түндүк жарым шарында кышкы чилденин түшкөн учурунан (21- же 22-декабрдан) жазгы күн-түн теңелүүгө чейинки (20-же 21-март) жыл мезгили. Адатта декабрь, январь, февраль айлары кыш мезгили деп аталат. Түштүк жарым шарда бул мезгилде жай болот (к. *Жыл мезгилдери*). Топоним катары да кездешет, мис., Кыш-Абад ж. б.

КЫШ, к. *Кирпич.*

КЫШ-АБАД – Ош обл-нун Кара-Суу р-нундагы кыштак. Отуз-Адыр айыл округуна караштуу. Деңиз деңг. 870 *м* бийикте жайгашкан. Райондун борбору ж-а т. ж. бекетинен 9 *км* түш.-чыгыш тарапта. Калкы 2042 (2009); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенет. Орто мектеп, китепкана, ФАП бар.

КЫШТАК, а й ы л – калк отурукташкан жай. Айылдык райондордун төмөнкү адм.-аймактык бирдиги. Кыштакта мамл. бийликтин органы – айыл округу. Кырг-нда 1800гө жакын К. бар, анда респ-нын калкынын 60%тен ашыгы жашайт. Топоним катары да кездешет; мис., Кашкар-Кыштак, Бел-Кыштак ж. б.

КЫШТОО – кышында пайдаланылуучу талаа ж-а кышкы жайыт; малчылардын кышкы жайы. К. аз чыгым м-н эртти арбын өндүрүүгө мүмкүндүк берген. Суусамыр, Арпа, Ак-Сай, Кара-Кужур, Ак-Шыйрак сыяктуу К-лордо мал (жылкы, топоз, кой-эчки ж. б.) кышкысын жайытта багылган. К-нун оту шыбак, бетеге, туландуу келип, бирок витамин м-н белок жокко эсе болгон. Учурда колхоз-совхоздор тарап, дыйкан чарбасы уюшулгандыгына байланыштуу К. сейрек пайдаланылат.

КЫШТУТ – Баткен р-нундагы кыштак. Кыштут айыл округуна караштуу. Сох суусунун боюнда, Кулдук-Тоонун этегинде, деңиз деңг. 1539 *м* бийиктикте жайгашкан. Райондун борбору Баткен ш-нан 51 *км* түш.-чыгыш тарапта. Исфара т. ж. бекетинен (Тажикстан) 73 *км*. Калкы 1005 (2012); негизинен дыйкан чарбаларында эмгектенип, мал м-н алектенет. Орто мектеп, китепкана, клуб бар.

КЫШТУТ–АДЫР-КОО КЕНДЕРИНИН ТОБУ – Баткен ж-а Лейлек р-ндорунда. Алай м-н Түркстан кырка тоолорунун түн. капталындагы сымап кенташтары жаткан жерлер. Кендер жерг. элге эзелтен белгилүү. 1917-ж. алгачкы геол. маалымат берилген. Аймакта Адыр-Коо, Алма-Сай, Кара-Арча, Кыштут, Жинкен, Өрүк-Сай сыяктуу бир нече майда кен ж-а кенче бар. Кен аймагында девон мезгилинин аягында пайда болгон карбонаттуу тектер кеңири тараган. Алар тектон. жаракалар м-н тилмеленип, кендик багытта созулуп жаткан ичке тилкени пайда кылган. Тилкедеги кенташ негизинен киновардан турат, кээде ага пирит, халькопирит кошулчаланат. Ал доломит ж-а акиташ тегиндеги жаракалардын кесилишкен жеринде топтолгон. Кенташ тулкулары линза, уя, тарамча түрүндө кезигет. Таралышы бирдей эмес. Кендин айрым-дары Ата Мекендик согуш жылдарында казып алынып, запасы аз болгондуктан, кийин текшеротулган.

КЫШТЫМДАР – Саян-Алтай ж-а Түш. Сибирде жашаган уруулар. Орус маалыматтары боюнча К. 17–18-к-да кыргыздарга коз каранды (к. *Енисей кыргыздары*), «түбөлүк кул», «укуксуз адамдар» болушкан. «Худуд ал-Аламда» кезиккен кыргыз урууларынын бири «кесимдер» (В. Ф. Минорский б-ча «кештим») К. болушу мүмкүн деген да пикирлер бар. К. кыргыздарга салык (аң-тери, темир шаймандары, курал-жарак ж-а тамак-аш азыктарынан) төлөп турган. Улус башкарган айрым кыргыз бектеринин кол алдында 500дөн 1000ге чейин К. болгон. Кыргыздар аларды коргоп, телеут, бурят, орус ж. б. м-н кагылышууларга барган. К. негизинен Обь д-нын бассейни Томь, Кондома, Мрас-Суу суулары ж-а Кузнецк Ала-Тоосунун токойлуу өрөөндөрү, Түн. Алтайдын Төлөс көлүнө чейинки аймакты ээлеген.

КЫЯ – тоонун жантайынкы боору; ага салынган жол – кыя жол деп аталат. Топонимдерде да кездешет, мис., Кызыл-Кыя, Каныш-Кыя, Кыя-Сай ж. б.

КЫЯМ – мөмө-жемиштерден шекер кошулуп даярдалуучу таттуу азык. К. кожогат, дан куурай, карагат, четин ж-а чычырканак ашы, алма, алмурут, өрүк, шабдалы, чие, гилас, коон, сабиз, кайналы, жүзүм, апельсин, мандарин ж. б-дан кайнатылат. К. кайнатыш үчүн алмурут, шабдалы, өрүк, кожогат, кулпунай ж-а барсылдактын өтө быша элеги, ал эми кайналы м-н чиенин бышканы жакшы. Өтө бышкан мөмө-жемиштен күндөлүк желе турган гана К. кайнатылат. К. кайнатууну жалпысынан экиге бөлүүгө болот: бир жолу кайнатуу ж-а кайталап кайнатуу. Б и р ж о л у кайнатууда мөмө-жемиштер даяр болгонго чейин тынымсыз кайнатылат. К а й т а л а п кайнатууда мөмө-жемиштер бир нече жолу муздатылып, кайра кайнатылат. К. кайнатыла турган идиш жазы (жайпак), бирок өтө чуңкур болбош керек. К. консерва з-ддорунда дат баспаган атайын казандарда, вакуум-аппараттарда, үйдө дат баспай турган болот чарага (сыйымдуулугу 2–6 *кг*) кайнатылат. К. кайнатууга толук муздатуу мезгилин кошкондо 1–5 күн кетет. Канттуулугу 65–70% К. көпкө сакталат. Кандай гана мөмө-жемиштерден даярдалбасын, К-дын курамында 45–55% мөмө-жемиштер (салмагы б-ча), 68–70%тен кем эмес кургак зат (рефрактометр б-ча), 66–72% углевод (сахароза, глюкоза, фруктоза), 0,01%тен кем эмес күкүрт к-тасы ж. б. болот. К-да коргошун тузу болбошу керек. К. салынтырма нымдуулугу 75%тен ашпаган кургак жерде сакталат.

КЫЯМАТ, к ы я м а т к а й ы м – диний түшүнүк б-ча жер астын-үстүн антарылып, жашоо (тирилик) бүтүп, акыр заман болуучу мезгил. Исламда К. учурунда дини башкалар, мусулмандардын күнөөгө баткандары тозокко түшүп, мусулмандардын «такыбалары» бейишке чыгат деп айтылат.

КЭМП-ДЭВИД МАКУЛДАШУУСУ (1978) – Египет ж-а Израил мамлекеттеринин ортосунда түзүлгөн тынчтык келишим. 1978-ж. 17-сентябрда Кемп-Дэвид резиденциясында (Мэриленд штаты) өткөн жолугушууга АКШ президенти Ж. Картер, Египет президенти Анвар Садат ж-а Израилдин премьер-министри Менахем Бегин катышкан. Жолугушуунун катышуучулары Суэц каналы б-ча сүзүү режими, эки мамлекеттин ортосундагы дипл. мамилелерди түзүү, Араб-



Израиль жанжалдарын жоюу ж-дө макулдашышкан. А. Садат Газа секторундагы ж-а Иордан д-нын батыш жээгиндеги, о. эле Синай ж. а-ндагы Израиль басып алган аймактарды бошотууга жетишкен. Бирок М. Бегин *Палестинаны бөштондукка чыгаруу уюму* м-н сүйлөшүүдөн баш тартып, Иерусалим ш-нын батыш жагын (Иордан д. тарап) зордоп тартып алууну уланткан ж-а Голанд дөңсөөлөрүн Израилге откоруунү талап кылган. Египет болсо палестиналыктардын өз тагдырын өздөрү чечүү принцибин коргогон.

КЭШ-ДИСК (англ. cashe disk) – тез-тез окулуучу берилиштер үчүн бөлүнгөн RAM (RAM – англ. Randon Access Memory – эркин иштөө мүмкүнчүлүгү бар эс) эсинин бөлүгү. Борб. процессор дисктен берилиштерди сураганда, К. д-тин программалык жабдыгы берилиштерди адегенде өзүнө К.-д. бөлүгүнөн издейт. Эгерде иштетүүгө керек берилиштер К.-д-те жатса, алар түз эле борб. процессорго берилип, жай аракеттенген катуу дисктен берилиштер изделбей калат. К.-д-тин эсинин көлөмү андан жаңы берилиштер окулган сайын өзгөртүлүп турат. К.-д-тин программалык жабдыгы дискке жазуу аракетин натыйжалуу аткарат, мында борб. процессор бош эмес болсо, жазылуучу берилиштерди убактылуу кармап туруу мүмкүнчүлүгү бар.

КЮНЕР Николай Васильевич (14. 9. 1877, Тбилиси – 5. 4. 1955, Ленинград) – чыгыш таануучу, тарыхчы, этнолог, профессор. Негизинен Кытай, Япония, Кореянын тарыхын изилдеген. 1900-ж. Петербург ун-тинин чыгыш таануу ф-тин бүтүргөн. 1902–25-ж. Владивосток ш-ндагы чыгыш таануу ун-тинде, 1925-жылдан Ленинград мамл. ун-тинде иштеп, библиография, тарыхый булактарды таануу б-ча изилдеп, тарыхый жазмаларды которгон. 1950–53-ж. Н. Я. Бичуриндин эмгегине («Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена») кошумча түшүндүрмө берип, кайра бастырып чыгарган. Анын кытай тарыхый даректери б-ча жазган Түш. Сибирь, Борб. Азия, Ы. Чыгыш элдери ж-дө эмгеги («Китайские известия о народах Южной Сибири, Центральной Азии и Дальнего Востока») бул элдердин байыркы тарыхы ж-а бул жерде жашаган уруулардын этногенези ж-дө маанилүү эмгектин бири болуп эсептелет.

КЮРИ́ Пьер (15. 5. 1859, Париж – 19. 4. 1906 ошол эле жер) – фр. физик. Франция ИАнын мүчөсү (1905), Нобель сыйл. (1903) лауреаты. Париж ун-тин бүтүрүп (1877), анда ассистент болуп иштеген. 1882–1904-ж. Парижде физика, химия мугалими, Париж ун-тинде проф. (1904). Негизги эмгектери кристаллдын физикасы, магнетизм ж-а радиоактивдүүлүккө арналган. Бир тууганы Поль Жан Кюри м-н бирге пьезоэлектр кубулушун ачкан ж-а изилдеген (1880). Кристаллдардын симметриясын (Кюри принциби)



ж-а жалпы эле физикадагы симметрия маселелерин (1894) изилдеген. Магниттик кубулуштарды изилдөө К-ге парамагниттик заттардын магниттик кабылдоосунун абс. темп-рага көз карандылыгын (Кюри закону) аныктаган ж-а ферромагниттик материалдар парамагниттикке айлануучу (Кюри чекити) өзгөчө темп-раны аныктоого мүмкүндүк түздү. 1898-жылдан аялы М. *Склодовская-Кюри* м-н бирге радиоактивдүүлүктү изилдей баштаган. Алар полоний, радийди ачып, радийдин нурлануусунун татаал курамын ж-а бул нурдун таасиринен айнек м-н фарфордун боёло тургандыгын аныктаган. 1903-ж. К. радий тузу өзүнөн өзү жылуулук чыгара турганын ачып, радиоактивдүүлүктүн биол. таасирин да изилдеген.

Ад.: *Кюри М.* П. Кюри. М., 1968.

КЮ́РИЙ (лат. Curium), Cm – *элементтердин мезгилдик системасынын* 7-мезгилинин 10-катарынын III тобундагы *актиноиддерге* кирүүчү жасалма жол м-н алынган радиоактивдүү хим. элемент. Ат. н. 96, ат. м. 247. К-дин массалык сандары ^{238}Cm – ^{252}Cm болгон 15 изотобу белгилүү, алардын ичинен бир кыйла туруктуусу ^{247}Cm. Аны Т. Сиборг, А. Гиорсо, Р. Жеймс ж-а А. Морган ж. б. амер. окумуштуулар плутонийди γ – болүкчөлөр м-н бомбалоодон алышкан. Пьер ж-а Мария Кюрилердин атынан аталган. К. – күмүш түстүү жалтырак металл; эрүү t 1340°C; кайноо t 2607°C; бирикмелеринде +2, +3, +4 ж-а +6 кычкылдануу даражаларын көрсөтөт. К. *суутек, кычкылтек* ж-а *галогендер* м-н өз ара аракеттенип, гидриддерди, кычкылдарды, галогениддерди пайда кылат, К. күчтүү калыбына келтиргич, активдүү металл. Космосту изилдөөдө, электр тогунун генераторлорунун тетиктерин жасоодо колдонулат.

КЮСЮ – Япониянын түштүгүндөгү арал. Тынч океан ж-а аның деңиздери (Чыгыш Кытай, Ички Япон) ж-а кысыктары (Корей, Симоносеки, Бунго) м-н чулганат. Аянты 42 мин *км²*. Батыш, түн. ж-а түш. жээктери булун-буйткалуу, чыгышы тегиз. Тоолуу, бийикт. 1788 *мге* чейин (Кудзю чокусу); аракеттеги жанартоолор (Аso, Кирисима ж. б.) бар. Климаты субтропиктик; түштүгүндө тропиктик муссондук. Жылдык жаан-чачыны 3000 *ммге* чейин. Тайфун болуп турат. Дайыма жашыл ж-а жалбырагы күбүлмө токой, шалбаа өсүмдүктөрү өсөт. Шалы, дан өсүмдүктөрү, бал камыш, цитрус өсүмдүктөрү, тамеки эгилет. Таш көмүр кени бар. К-да Китакюсю, Фукуока, Кумамото, Кагосима, Нагасаки ж. б. ири шаарлар жайгашкан. Аралдын аты япончо «Тогуз жер» деген маанини билдирет; анткени К. аралы адм. жактан 9 провинцияга бөлүнөт.

КЯРИ́З (персче кериз – жер астындагы сугат каналы) – кыртыш сууларын чогултуп, жер бетине алып чыгаруучу жер астындагы курулма. Адатта, К. суулуу катмардан суу өткөрбөөчү катмарга карай анча терең эмес жерге (тик кудуктардын жардамы м-н) салынат. Сугат ж-а суу м-н камсыз кылуу үчүн (негизинен Борб. Азиянын тоолуу ж-а тоо этегиндеги кургакчыл аймактарында, Закавказьеде, Жакынкы ж-а Ортонку Чыгыш өлкөлөрүндө) пайдаланылат. Уз. бир нече *мге*, бийикт. 1–1,5 *мге* чейин жеткен. Суу чогултуучу бир же бир нече галереядан турат.

КЯ́ХТА КЕЛИШИМИ (1727) – Россия м-н Кытайдын ортосундагы 1691-ж. манжурлар басып алган аймактагы чек араны белгилөө ж-а орус-кытай соода мамилелери ж-дөгү келишим. 1727-ж. 21-октябрда орус элчиси С. Л. Владиславович-Рагузинский ж-а Кытай окмоңунун өкүлдөрү – Чабин, Тегут ж-а Тулишендер Кяхта д-нын жээгинде жолугушуп, орус-кытай чек арасын аныктоо ж-а соода байланышын чыңдоо ж-дө келишимге кол коюшкан. Бура келишиминин (1727) негизинде орус-кытай чек арасы такталып ж-а соода тартиби белгиленип, Пекинде орус дин кызматын ачууга Цинь окмотүнүн макулдугу бекемделген. К. к. элчилерди кабыл алуу, дипл. кат алышуу шарттарын ж. б. маселелерди аныктаган. К. к. 19-к-дын ортосуна чейин орус-кытай мамилелеринин укуктук негизи болгон.

НЕГИЗГИ КЫСКАРТУУЛАР

а. – арал(ы), аралдар(ы) (энчилүү аттан кийин)
а. а. – атап айтканда
абс. – абсолюттук
авиац. – авиациялык
агр. – агрардык
агрон. – агрономиялык
агротех. – агротехникалык
ад-т – адабият
адм.-айм. – административдик-аймактык
адм. – административдик
а. и. – аның ичинде
акад. – академиялык
алг. – алгебралык
амер. – американ
англ. – англисче, англиялык
анат. – анатомиялык
арифм. – арифметикалык
арт. – артист, артисти
арх. – архитектор
арх-ра – архитектура
астр. – астрономиялык
ат. м. – атомдук массасы
атм. – атмосфера, атмосфералык
ат. н. – атомдук номери
ат. с. – атомдук салмагы
атн. – атындагы
а. ч. – айыл чарба, айыл чарбасы
ар. – арабча
б. а. – башкача айтканда
б. з. – биздин замандын
б. з. ч. – биздин заманга чейинки
бийикт. – бийиктиги (цифранын алдында)
борб. – борбордук
ботан. – ботаникалык
бурж. – буржуазиялык
бухг. – бухгалтериялык
б-ча – боюнча
б. эрүү – балкып эрүү
вет. – ветеринариялык
ген. – генетикалык
геод. – геодезиялык
геом. – геометриялык
геофиз. – геофизикалык
граммат. – грамматикалык
голл. – голландиялык
гр. – грекче
гражд. – граждандык
д. – дарыясы, дарыялары (энчилүү аттан кийин)
демокр. – демократиялык, демократтык
деңиз деңг. – деңиз деңгээлинен
дипл. – дипломатиялык
д. у. с. – дагы ушул сыяктуу
ж. – жыл, жылы, жылдар, жылдары
ж-а – жана
ж. а. – жарым арал (энчилүү аттан кийин)
ж. б. – жана башка, жана башкалар
жерг. – жергиликтүү
ж-до – жөнүндө
ж. т. – жылы туулган
ж. у. с. – жана ушу сыяктуу
ж. ч. – жыл ченде, жылдар ченде
ж. чейин – жылга чейин, жылдарга чейин
Ж. Чыгыш – Жакынкы Чыгыш
з-д – завод
европ. – европалык
ил. – илимий
илимд. – илимдеринин
ил.-из. – илим-изилдөө
илл. – иллюстрация
инж. – инженердик
ин-т – институт
информ. – информациялык
иск-во – искусство
итал. – италиялык
к. – кара (жылтеме берилгенде), кылым, кылымдар (цифрадан кийин)
катар н. – катар номери
киберн. – кибернетикалык
к-т – комитет
комп. – компьютер
констр. – конструктор, конструкция(лоо)
конф-я – конференция
концент. – концентрация, концентрациялоо
корр. муче – корреспондент мүчө (сү)
коэфф. – коэффициент
к-та – кислота
кырг. – кыргыз
Кырг-н – Кыргызстан
кыш. – кыштак, кыштактарынын чилүү аттан кийин)
лабор. – лаборатория, лабораториялык
лат. – латынча
лингв. – лингвистикалык
мад-т – маданият
макс. – максимум
мамл. – мамлекеттик
матем. – математикалык
матер. – материалдыктар
мед. – медициналык
мех. – механикалык
мин. – минимум, минимумду
мис. – мисалы
млн – миллион
млрд – миллиард
м-н – менен
мол. – молекулялык
муз. – музыкалык
нем. – немисче
О. Азия – Орто Азия
обком – облустук комитет
обл. – облус, облустук, облустары
о. кылым – орто кылым
орг. – органикалык
о. эле – ошондой эле
орт. – орточо
ө. ж. – өнөр жай, өнөр жайы
ө. ж. б. – өлгөн жылы белгисиз
п. а. к. – пайдалуу аракет коэффициенти
парт. – партиялык
пед. – педагогикалык
полигр. – полиграфиялык
проф. – профессор (энчилүү аттан кийин)
публ. – публицистикалык
райком – райондук комитет
ревком – революциялык комитет
рев-я – революция
ред. – редакциялык
реж. – режиссёр (энчилүү аттан кийин)
респ. – республикалык; республика(сы)
р-н – район (энчилүү аттан кийин)
санит. – санитариялык
симф. – симфониялык
сов. – советтик
Сов. Союз. Баатыры – Советтер Союзунун Баатыры
соц. – социалисттик
Соц. Эмг. Баатыры – Социалисттик Эмгектин Баатыры
с. салм. – салыштырма салмагы
сыйл. – сыйлыгы, сыйлыгынын, сыйлыгына, сыйлыктарынын
сыйымд. – сыйымдуулук, сыйымдуулугу
темп-ра – температура
тектон. – тектоникалык
термод. – термодинамикалык
теор. – теориялык
тех. – техникалык
т. ж. б. – туулган жылы белгисиз
трансп. – транспорттук
трлн – триллион
түн. – түндүк
түш. – түштүк
уз. – узундугу (цифранын алдында)
ун-т – университет
физ. – физикалык
филос. – философиялык
ф-ка – фабрика
фонет. – фонетикалык
фр. – французча, франциялык
ф-т – факультет
хим. – химиялык
хирург. – хирургиялык
чыг-лык – чыгармачылык
ш. – шаары, шаарлары (энчилүү аттан кийин)
шаарком – шаардык комитет
шааратком – шаардык аткаруу комитети
Ы. Чыгыш – Ыраакы Чыгыш
эвол. – эволюциялык
экон. – экономикалык
эмг. сиң. – эмгек сиңирген
эрүү t – эрүү температурасы
юрид. – юридикалык

Эскертүү: аягы -графиялык, -логиялык болуп аяктаган сөздөрдүн «афиялык», «огиялык» деген бөлүктөрү кыскартылып жазылат, мис., физиол., морфол., кинематогр., литогр. ж. б.

БАШ ТАМГАДАН КЫСКАРТУУ (аббревиатуралар)

ААК – Аскер-Аба күчтөрү; ачык акционердик коом
АБС – автоматтык башкаруу системасы
АДФ – Аскер-Дениз флоту
АЖТ – автоматтык жөндөө теориясы
АК – акционердик коом
АКШ – Америка Кошмо Штаттары
АО – автономия облус
АСЕАН – Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүнүн ассоциациясы
АССР – Автономия Советтик Социалисттик Республика
АТС – автоматтык телефон станциясы
АЭС – атомдук электр станциясы
БАК – Борбордук Аткаруу Комитети
БГУ – Бишкек гуманитардык университети
ББАК – Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу Комитети
БК – Борбордук Комитет
БКО – Балдар клиникалык оорукканасы
БУУ – Бириккен Улуттар Уюму
ГФР – Германия Федерация Республикасы
ГЭС – гидроэлектр станция
ГИТИС – Мамлекеттик театр өнөр институту
ЕККУ (ОБСЕ) – Европадагы Коопсуздук ж-а кызматташтык б-ча уюм
ЖАК – жабык акционердик коом
ЖАМУ – Жалал-Абад мамлекеттик университети
ЖОЖ – жогорку окуу жай
ЖЧК – жоопкерчилиги чектелген коом
ЖЭБ – жылуулук-электр борбору
ЖЭС – жылуулук-электр станциясы
ЗСФСР – Закавказье Советтик Федерациялык Социалисттик Республикасы
ИА – Илимдер академиясы
ИДП – ички дүн продукция(сы)
ИИИ – илим-изилдөө институту
ИИМ – ички иштер министрлиги
ИТП – илимий-техникалык прогресс
ИТР – илимий-техникалык революция
КАЧИ – Кыргыз айыл чарба институту
КМДТИ – Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институту
КМИИ – Кыргыз мамлекеттик искусство институту
КМКТАУ – Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт ж-а архитектура университети
КММА – Кыргыз мамлекеттик медицина академиясы
КММИ – Кыргыз мамлекеттик медицина институту
КМПУ – Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университети И. Арабаев атн.
КМУ – Кыргыз мамлекеттик университети
КМШ – Коз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги
КП – коммунисттик партия
КПСС – Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы (Коммунистическая Партия Советского Союза)
КР – Кыргыз Республикасы
КРСУ – Кыргыз-Россия славян университети
КТМИ – Кыргыз тоокен-металлургия институту
КТРК – Коомдук теле радио берүү корпорациясы
КУАУ – Кыргыз улуттук агрардык университети
КУГБ – Кыргызстан улуттук гематология борбору
КУТУ – Кыргыз улуттук техникалык университети
КУУ – Кыргыз улуттук университети Ж. Баласагуни атн.
КЭР – Кытай Эл Республикасы
КЭУ – Кыргызстан эл аралык университети
ЛКЖС – Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу
ЛТМОИ (ЛИТМО) – Ленинграддагы так механика ж-а оптика институту
МАК – Мамлекеттик акционердик коом
МИ – Математика институту
МИКИ – Москва инженердик курулуш институту В. В. Куйбышев атн.
ММК – Массалык маалымат каражаттары
ММУ – Москва мамлекеттик университети
МНХТИ (МИТХТ) – Москва назик (тонкий) химия технология институту Ломоносов атн.
МСКИ – Механика ж-а сейсмотуруктуулук курулмалары институту
МТЖОЖ – Москва техникалык жогорку окуу жайы Н. Э. Бауман атн.
МЭИ – Москва энергетика институту
НАТО – NATO (North Atlantic Treaty Organization), Түндүк Атлантикалык келишим уюму (ТАКУ)
НМУ – Нарын мамлекеттик университети
ОИБ – Онкология илимий борбору
ОМПИ – Ош мамлекеттик педагогикалык институту
ОХИ – Органикалык химия институту
ОшМУ – Ош мамлекеттик университети
ОшТУ – Ош технология университети
РКО – Республикалык клиникалык оорукана
РКП(б) – Россия Коммунисттик партиясы (большевиктер) партиясы [Российская Коммунистическая партия (большевиков)]
РМИА – Россия медицина илимдер академиясы
РСФСР – Россия Советтик Социалисттик Федерация Республикалар Союзу (Российская Советская Федеративная Социалистическая Республика)
РФ – Россия Федерациясы
САРК – Түштүк Азия өлкөлөрүнүн региондук кызматташтык ассоциациясы
СССР МИА – СССР Медицина илимдер академиясы
СССР – Советтик Социалисттик Республикалар Союзу (Союз Советских Социалистических Республик)
ТАР – Түштүк Африка Республикасы
ТашПИ – Ташкент педагогикалык институту
ТИМ – Тышкы иштер министрлиги
ТКЭС – Табиятты Коргоонун Эл аралык союзу
ТФМИ – Тоо тектердин физикасы ж-а математикасы институту
УАК – Улуттук авиакомпания
УИА – Улуттук илимдер академиясы
УКТБ – Улуттук кардиология ж-а терапия борбору
УОБ – Улуттук онкология борбору
УТРК – Улуттук телерадио компаниясы
УФБ – Улуттук фтизиатрия борбору
УХБ – Улуттук хирургия борбору
ФАП – фельдшер-акушердик пункт
ФИ – Физика институту
ФМИ – Физика-математика институту
ФПИ – Фрунзе политехника институту
ФХИ – Физикалык химия институту
ХХТИ – Химия ж-а химиялык технология институту
ШКУ – Шанхай кызматташтык уюму
ШКО – Шаардык клиникалык оорукана
ЭББПИИ (ИИМОП) – Эл аралык билим берүү программаларын интеграциялоо институту
ЭВФ – Эл аралык валюта фонду
ЭИ – Экономика институту
ЭКС – Эл Комиссарлар Совети
ЭКФ – эл аралык кинофестиваль
ЭКЮ – Европа Союзунун валюта бирдиги
ЭЭМ – электрондук эсептегич машина
ЮНЕСКО – UNESCO (United Nations Educational Seientific and Cultural Organization) Бириккен Улуттар Уюмунун билим берүү, илим жана маданият боюнча уюму

ЧЕН БИРДИКТЕРИНИН ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕРИ

А – ампер
Е – ангстрем
а. б. – астрономиялык бирдик
айл/мин – минутасына айланышы
а. к. – ат күчү
А·с – ампер-саат
В·А – вольт-ампер
В – вольт
Вб – вебер
Вт – ватт
Вт·с – ватт-саат
г – грамм
га – гектар
Гб – гильберт
гл – гектолитр
Гн – генри
гПа – гектопаскаль
Гс – гаусс
Гц – герц
г-экв – грамм-эквивалент
дал – декалитр
дБ – децибел
Дж – джоуль
дин – дина
дм – дециметр
д. милясы – деңиз милясы
ж. жылы – жарык жылы
К – Кельвин
Кл – кулон
кал – калория
кар – карат
кВт – киловатт
кВт·с – киловатт · саат
кг – килограмм
кгк – килограмм күч
кд – кандела
ккал – килокалория
км – километр
кмоль – киломоль
кэВ – килоэлектронвольт
л – литр
лк – люкс
лм – люмен
м – метр
м. а. б. – массанын атомдук бирдиги
МВт – Мегаватт
мг – миллиграмм
МГц – Мегагерц
мин – минута
мкм – микрометр
Мкс – максвелл
мкс – микросекунда
мм – миллиметр
МОм – Мегаом
Н – ньютон
нм – нанометр
нсек – наносекунда
нт – нит
Ом – ом
пс – парсек
пФ – пикофарада
рег бр. т – рег брутто тонна
Р – рентген
рад – радиан
с – саат
°С – Цельсий градусу
сек – секунда
сСт – сантистокс
См – сименс
см – сантиметр
сП – сантипуаз
Ст – стокс
ср – стерадиан
суу мам. мм – суу мамычасынын миллиметри
сым. мам. мм – сымап мамычасынын миллиметри
т – тонна
тм – тонна-метр
Тл – тесла
Ф – фарада
ч – саат
Э – эрстед
эВ – электронвольт

БИРДИКТЕРДИН АТТАРЫН ТҮЗҮҮЧҮ МҮЧӨЛӨРҮ

а – атто... (10^{-18})
Г – гига... (10^{9})
г – гекто... (10^{2})
д – деци... (10^{-1})
да – дека... (10^{1})
к – кило... (10^{3})
М – мега... (10^{6})
м – милли... (10^{-3})
Т – тера... (10^{12})
Ф – фемто... (10^{-15})

БИБЛИОГРАФИЯЛЫК КЫСКАРТУУЛАР (кыргызча, орусча жана англисче)

авт. – автор
ад. – адабият
б. – бети
бас. – басылышы
б. г. – без года
библ. – библиография
билд. – билдирүү
биогр. – биография
б. м. – без места
бюл. – бюллетень
в. – выпуск
г. – год
дисс. – диссертация
Докл. – Доклады, Докладдар
доп. – дополнение, дополнительный
ж. – жыл
ж. белгисиз – жылы белгисиз
жооп. ред. – [illegible]
загл. – заглавие
Зап. – Записки
Изв. – Известия
Источн. – Источник
Каб. – Кабинет
мазм. – мазмуну
огл. – оглавление
отв. ред. – ответственный редактор
отт. – оттиск
прил. – приложение
Полн. собр. соч. – Полное собрание сочинений
публ. – публикация
ред. – редактор
реф. – реферат
рец. – рецензия
сб. – сборник
сер. – серия
соавт. – соавтор
Собр. соч. – Собрание сочинений
Соч. – Сочинения
с. – страница
т. – том
Танд. чыг. – Тандалган чыгармалар
Тр. – Труды
Уч. зап. – Ученые записки
ч. ж. белгисиз – чыгарылган жылы белгисиз
Чыг. – Чыгармалар
Чыг. тол. жыйн. – Чыгармалардын толук жыйнагы
эвол. – эволюция (лык)
Эмг. – Эмгектер

ШААРЛАРДЫН БИБЛИОГРАФИЯДА КЫСКАРТЫЛГАН АТТАРЫ (орус, кыргыз тилдеринде)

А. – Алматы
А.-А. – Алма-Ата
Б. – Бишкек
Г. – Горький
Душ. – Душанбе
Дүйш. – Дүйшөмбү
Ер. – Ереван
Киш. – Кишинев
Л. – Ленинград
М. – Москва
Новосиб. – Новосибирск
Од. – Одесса
П. – Петроград (Петербург)
СПб. – Санкт-Петербург
Тал. – Таллин
Таш. – Ташкент
Тб. – Тбилиси
Ф. – Фрунзе
Хар. – Харьков

ЭНЦИКЛОПЕДИЯДА КОЛДОНУЛУУЧУ НЕГИЗГИ ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

(мамлекеттердин, эзликтердин, администрациялык бирдиктердин жалпы географиялык жана атайын карталарындагы)

КАЛКТУУ ПУНКТТАР

САЯСИЙ-АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК МААНИСИ БОЮНЧА

- Мамлекет жана администрациялык бирдиктердин борборлору
- Эзликтердин жана өзгөчө статуска ээ аймактардын борборлору

ДҮЙНӨНҮН КАРТАЛАРЫНДА

ШАНХАЙ	1 000 000дон жогору
АСТАНА	500 000–1 000 000
ДОХА	100 000–500 000
Маяри	50 000–100 000
Паксан	10 000–50 000
Сиблин	10 000ге чейин
Хавалли	Шаар чегиндеги калктуу пункттар

КЫРГЫЗСТАНДЫН КАРТАЛАРЫНДА

КАЛКТЫН САНЫ ЖАНА ТИБИ БОЮНЧА

ШААРЛАР

БИШКЕК	500 000–1 000 000
ОШ	100 000–500 000
КАРАКОЛ	50 000–100 000
ӨЗГӨН	10 000–50 000
ШОПОКОВ	10 000ге чейин

ШААРЧАЛАР

КОЧКОР-АТА	10 000ден жогору
МИҢ-КҮШ	10 000ге чейин

АЙЫЛ ТИБИНДЕГИ КАЛКТУУ ПУНКТТАР

Беловодский	10 000ден жогору
Сары-Булак	10 000ге чейин

- Шаар, шаарча кеңештери жана айыл округдары

ЧЕК АРАЛАРЫ

- Мамлекеттердин
- Уюлдук эзликтердин
- Аныктапбаган мамлекеттердин
- Улуттук парктардын жана коруктардын
- Администрациялык бирдиктердин жана мурдагы СССРдин курамындагы республикалардын
- Демаркация сызыгы
- Материктин карталарындагы өлкөлөрдүн
- Океандардын карталарындагы өлкөлөрдүн
- Мамлекеттик
- Облустардын
- Райондордун
- Айыл округдарынын
- Коруктардын

ЖОЛ КАТНАШЫ

- Темир жолдор, туннелдер
- Курулуп жаткан темир жолдор
- Паром байланышы
- Рельссиз негизги жолдор, туннелдер
- Рельссиз негизги жана башка жолдор, ашуулар
- Курулуп жаткан рельссиз жолдор
- Кеме жүрүүчү каналдар
- Деңиз каналдары
- 850 Деңиз жолдору (км менен)
- Деңиз жана дарыя порттору
- Эл аралык аэропорттор

Темир жолдор

- Магистралдык
- Башка темир жолдор
- Кууш темир жолдор
- Көк-Мойнок Бекеттер жана алардын аталыштары

Автомобиль жолдору

- Магистралдык
- Башкы жолдор
- Башка жолдор
- Курулуп жаткан жолдор

ГИДРОГРАФИЯ ЖАНА РЕЛЬЕФ

- Жээк сызыгы, сайроон
- Тузсуз көлдөр
- Туздуу көлдөр
- Мезгилдүү көлдөр
- 123 Суу бетинин деңиз деңгээлинен бийиктиги (метр менен)
- 65 Суунун тереңдиги (метр менен)
- Соолуп калуучу дарыялар
- Дарыялардагы кеме каттоо
- Плотиналар, босоголор жана шаркыратмалар
- Мелиорация каналдары
- Кудуктар
- Саздар
- Шор жерлер
- Түбөлүк кар, мөңгүлөр
- Материк муздары
- Кум
- Лава талаалары
- Аскалар
- Кургак нуктар (вадилер)
- Урчуктар (кашаттар), кемерлер
- Жанартоолор
- 2724 • Чоң Кирс ч. Деңиз деңгээлинен бийиктик белгиси (метр менен)
- Шуру рифтери
- Үңкүрлөр

БАШКА ОБЪЕКТИЛЕР

- Дамбалар
- Байыркы дубалдар жана жолдор
- Байыркы шаар урандылары
- Архитектура эстеликтери
- Түн. кең. Түндүк кеңдик
- Түш. кең. Түштүк кеңдик
- Чыг. уз. Чыгыш узундук
- Бат. уз Батыш узундук

ШААРДЫН ПЛАН-СХЕМАСЫНДАГЫ КОШУМЧА ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

- МОНМАРТР Шаар райондорунун аталышы
- Вокзалдар жана темир жол бекеттери
- Маяк
- Аэропорт
- Стадион
- Кеме токтоочу доктор жана молдор
- Форттор
- Соборлор жана чиркөөлөр
- Мечиттер
- Будда храмдары
- Көрүстөндөр
- Токой, парк, жемиш бактары

КАРТАГА ТҮШҮРҮЛГӨН КЕН БАЙЛЫКТАРДЫН ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕРИ

- Акиташ
- Алтын
- Алюминий
- Базальт
- Барит
- Бериллий
- Висмут
- Волластонит
- Вольфрам
- Гипс
- Гранит
- Дары баткак
- Жез
- Калай
- Кварц куму
- Керамзит үчүн сырьё
- Кооздук-көркөм таштар
- Коргошун, цинк
- Кум-шагыл
- Курулуш таштары
- Күкүрт колчеданы
- Күмүш
- Күрөң көмүр
- Минералдуу суулар
- Молибден
- Мрамор
- Нефть, табигый газ
- Сурьма
- Сымап
- Тальк
- Таш көмүр
- Таш туз
- Темир рудасы
- Үлүлдүн акиташ теги
- Чопо
- Ысык булактар

ӨНӨР ЖАЙ ТАРМАКТАРЫ

- Жеңил өнөр жайы
- Жыгач иштетүү өнөр жайы
- Курулуш материалдары өнөр жайы
- Машина куруу жана металл иштетүү
- Нефть өнөр жайы
- Отун өнөр жайы
- Полиграфия өнөр жайы
- Тамак-аш
- Токой жана жыгач иштетүү өнөр жайы
- Түстүү металлургия
- Ун-акшак жана аралаш тоют өнөр жайы
- Фарфор-фаянс өнөр жайы
- Химия өнөр жайы
- Электр энергетика

ЭЛЕКТР СТАНЦИЯЛАРЫ

- Гидроэлектр станциялары
- Жылуулук электр борбору

КАРТАДАГЫ КАБЫЛ АЛЫНГАН КЫСКАРТУУЛАР

а.	арал	*ил.*	илимий	[illegible]	республика
а-дары	аралдары	*к.*	кел	[illegible]	станция
АВТ. ОКР.	автономия округу	*кан.*	канал	[illegible]	суу сактагыч
АО	автономия облусу	КР	Кыргыз Республикасы	[illegible]	тоо (тоосу)
арх.	архипелаг	*к.т.*	кырка тоо	ТАР	Түштүк Африка Республикасы
ат.	атолл	*к.тоосу*	кырка тоосу	[illegible]	тумшук
атн.	атындагы	*кур.*	курорт	[illegible]	туннель
аш.	ашуу	*кыс.*	кыскы	[illegible]	түндүк
аэрп.	аэропорт	КЭР	Кытай Эл Республикасы	[illegible]	түштүк
БОРБ.	борбордук	КЭДР	Корей Элдик Демократиялык Республикасы	[illegible]	улуттук
бос.	босого	*лаг.*	лагуна	ул., ул.	университет
бул.	булуң	*лим.*	лиман	[illegible]	үңкүр
бух.	бухта	ОБЛ., обл.	облус	*ч.*	чоку
вкз.	вокзал	обс.	обсерватория	*чуң.*	чуңкур, чуңкурдугу
гав.	гавань	*ойд.*	ойдун, ойдуңдары	*шарк.*	шаркыратма
ж.а.	жарым арал	*өт.*	өткөөл, өткөөлдөр		
ж.т.	жанартоо	ПРОВ.	провинция		
жог.	жогорку				

АЙМАКТЫН МАМЛЕКЕТКЕ ТААНДЫКТУУЛУГУ

(Австрал.)	Астралияга	*(Инд.)*	Индияга	*(Сауд. Араб.)*	Сауд Арабиясына
(АКШ)	Америка Кошмо Штаттарына	*(Индон.)*	Индонезияга	*(Сейш. а-дары)*	Сейшел аралдарына
(Арг.)	Аргентинага	*(Исп.)*	Испанияга	*(Солом. а-дары)*	Соломон аралдарына
(Багама а-дары)	Багама аралдарына	*(Ит.)*	Италияга	*(ТАР)*	Түштүк Африка Республикасына
(Браз.)	Бразилияга	*(Кан.)*	Канадага	*(Түрк.)*	Түркияга
(Брит.)	Улуу Британияга	*(Кириб.)*	Кирибатиге	*(Филип.)*	Филиппинге
(Венес.)	Венесуэлага	*(Колумб.)*	Колумбияга	*(Фин.)*	Финляндияга
(Вьетн.)	Вьетнамга	*(Корей Респ.)*	Корей Республикасына	*(Фр.)*	Францияга
(Герм.)	Германияга	*(Кыт.)*	Кытайга	*(Хорв.)*	Хорватияга
(Гонд.)	Гондураска	*(Мекс.)*	Мексикага	*(Швец.)*	Швецияга
(Грек.)	Грекияга	*(МФШ)*	Микронезия Федерация Штаттарына	*(Экв. Гв.)*	Экватордук Гвинеяга
(Дан.)	Данияга	*(Нид.)*	Нидерландга	*(Эст.)*	Эстонияга
(ЕАР)	Египет Араб Республикасына	*(Норв.)*	Норвегияга	*(Ям.)*	Ямайкага
(Жаңы Зел.)	Жаңы Зеландияга	*(Папуа–Жаңы Гв.)*	Папуа–Жаңы Гвинеяга	*(Яп.)*	Японияга
(Жаңы Калед.)	Жаңы Каледонияга	*(Порт.)*	Португалияга		
		(Рос.)	Россияга		

ИЛИМИЙ РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ ЖАНА КОНСУЛЬТАНТТАР

АДАБИЯТ

АКМАТАЛИЕВ А. – филол. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү, төрага; ЖАЙНАКОВА А. – филол. илимд. канд.; ЖУМАБАЕВ И. – филол. илимд. канд.; КАДЫРМАМБЕТОВА А. – филол. илимд. канд.; КЕБЕКОВА Б. – филол. илимд. канд.; КЫДЫРБАЕВА Р. – филол. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү; КЫЛЫЧЕВ Э. – адабиятчы; МЕДЕРАЛИЕВА Ж. – ил. редактор; МУКАСОВ М. – филол. илимд. канд.; ОРОЗОВА Г. – филол. илимд. канд.; САДЫКОВ А. – филол. илимд. доктору; ҮКҮБАЕВА Л. – филол. илимд. доктору; ЕГИМБАЕВА С. – филол. илимд. канд.

АЙЫЛ ЧАРБА

ЧОРТОНБАЕВ Т. Ж. – а. ч. илимд. доктору, төрага; АЖИБЕКОВ А. С. – а. ч. илимд. доктору; АКНАЗАРОВ Б. К. – вет. илимд. доктору; АЛЫКЕЕВ И. Ж. – а. ч. илимд. канд.; АКМАТОВА Д. Ж. – редакция башчысы; КАРАБАЕВ Н. А. – а. ч. илимд. доктору; НУРГАЗИЕВ Р. З. – вет. илимд. доктору; ОСМОНОВ Ы. Ж. – тех. илимд. доктору; РАЗЗАКОВ И. Р. – а. ч. илимд. доктору; СУЛТАНАЛИЕВА Т. С. – тех. илимд. канд.; ТЕМИРБЕКОВ Ж. Т. – тех. илимд. канд.

АРХИТЕКТУРА ЖАНА СҮРӨТ

САДЫКОВ Т. – скульптор, СССР эл сүрөтчүсү, төрага; АЛЫШБАЕВА Д. – иск-во таануучу; БУДАЙЧИЕВ Б. – иск-во илимд. канд.; КАРЫБЕКОВА М. – иск-во таануучу; КУРМАНОВ Т. – КРдин эл сүрөтчүсү; ӨМҮРАЛИЕВ Д. – архитектура доктору; ПОПОВА О. П. – мад-тка эмг. син. ишмер; ПРЫТКОВА Л. А. – культурология илимд. доктору; САРБАНОВ К. – эмг. син. архитектор; ҮМӨТАЛИЕВА Ж. – иск-во илимд. доктору; ТОКТОСУНОВА Г. – мад-тка эмг. син. ишмер.

АСКЕР ИШИ

ОРМОКОЕВ А. Ж. – генерал-майор, төрага; ДҮЙШӨКЕЕВ Ө. М. – полковник; КИРЕШЕЕВ Н. И. – полковник; КЫШТООБАЕВ Б. З. – улук лейтенант; СУЕРКУЛОВ З. К. – полковник; ЧАНОВ У. С. – подполковник; ТОКТОНАЛИЕВ К. – полковник, филол. илимд. доктору.

БАСМА СӨЗ

ИШЕМКУЛОВ Т. – мад-тка эмг. син. ишмер, төрага; АБАКИРОВ М. – мад-тка эмг. син. ишмер; БАКАШОВА Ж. – филол. илимд. доктору; ЕГЕМБЕРДИЕВ Ж. – мад-тка эмг. син. ишмер; МАТКЕРИМОВА Б. – мад-тка эмг. син. ишмер; РАМАТОВ К. – мад-тка эмг. син. ишмер; ТЕМИРОВ Т. – мад-тка эмг. син. ишмер; ХАЛИЛОВ А. – филол. илимд. канд.

БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ПЕДАГОГИКА

БЕКБОЕВ И. – КРдин эл мугалими, пед. илимд. доктору, төрага; АБДИЕВ А. – пед. илимд. канд.; АЛИМБЕКОВ А. – пед. илимд. канд.; БАЙГАЗИЕВ С. – филол. илимд. доктору; ЖООКАЕВ Ж. – психол. илимд. канд.; ИПТАРОВ С. – этнопедагог; КОҢУРБАЕВ Т. – психол. илимд. канд.; МАМБЕТАКУНОВ Э. – пед. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү; МОЛДАЛИЕВА М. – жетектөөчү редактор; МУРАТОВ А. – пед. илимд. доктору; ОСМОНАЛИЕВА А. – ил. кызматкер; РЫСБАЕВ С. – пед. илимд. доктору; СЕЙДЕКУЛОВА К. – пед. илимд. канд.; МОЛДАЛИЕВА М. – жетектөөчү редактор.

БИОЛОГИЯ

ТОКТОСУНОВ А. Т. – биол. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү, төрага; АХМАТОВА Д. М., редакция башчысы; ДӨӨЛӨТКЕЛДИЕВА Т. Д. – биол. илимд. доктору; ЖЭЭНБАЕВ Б. Ж. – биол. илимд. доктору; КАРАБЕКОВА Ж. – биол. илимд. доктору; КАРИМОВА Б. К. – биол. илимд. доктору; КАРИПОВА Н. биол. илимд. канд.; ТОКТОРАЛИЕВ Б. А. – биол. илимд. доктору; ШАЛПЫКОВ К. – биол. илимд. канд.; ШАРШЕНАЛИЕВА Г. – биол. илимд. канд.

ГЕОГРАФИЯ

ЧОДУРАЕВ Т. М. – геогр. илимд. доктору, төрага; АЛАМАНОВ С. К. – геогр. илимд. канд.; АЛИЕВ З. А. – геогр. илимд. канд.; БОБУШЕВ Т. С. – геогр. илимд. доктору; ЖУМАШЕВ К. – геогр. илимд. канд.; КАДЫРКУЛОВ М. – геогр. илимд. канд.; КАРАЧАЛОВА Р. – редакция башчысы; МАТИКЕЕВ К. – геогр. илимд. доктору; МЫРЗАЕВ А. – экономист; НИЗАМИЕВ А. – геогр. илимд. доктору; ОСМОНОВ А. – геогр. илимд. канд.; СУЛТАНАЛИЕВ Э. – геогр. илимд. канд.; ТОКТОРОВА Н. – геогр. илимд. канд.; ЭРГЕШОВ А. – геогр. илимд. доктору.

ГЕОЛОГИЯ, ГЕОФИЗИКА, ГИДРОГЕОЛОГИЯ

ОСМОНБЕТОВ К. – геол.-мин. илимд. доктору, төрага. БАКИРОВ А. – геол.-мин. илимд. доктору, КР УИАнын академиги; БАКИРОВ [illegible] – геол.-мин. илимд. канд.; ИМАНАЛИЕВ [illegible] – геол.-мин. илимд. канд.; КОЖОБАЕВ К. – тех. илимд. доктору; САГЫНДЫКОВ К. – геол.-мин. илимд. канд.; САКИЕВ К. – геол.-мин. илимд. доктору; ТУРДУКУЛОВ А. – геол.-мин. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү.

ДЕНЕ ТАРБИЯ, СПОРТ ЖАНА ТУРИЗМ

МАМЫТОВ А. М. – пед. илимд. доктору, төрага; АНАРКУЛОВ Х. Ф. – пед. илимд. доктору; ЖУМАШЕВ К. – геогр. илимд. канд.; ИМАНАЛИЕВ Т. Т. – пед. илимд. канд.; НАРАЛИЕВ А. М. – пед. илимд. канд.; САРАЛАЕВ М. К. – пед. илимд. канд.

ИНФОРМАТИКА

БРИМКУЛОВ У. Н. – тех. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү, төрага; ОРУСКУЛОВ Т. [illegible] – пед. илимд. канд.; ОСМОНОВ К. Т. – физ.-мат. илимд. канд.; ӨМҮРАЛИЕВ А. С. – физ.-мат. илимд. канд.; САЛИЕВ А. Б. – тех. илимд. доктору.

КИНО

ӨМҮРКУЛОВ К. – Кыргыз эл жазуучусу, төрага; АБДЫЖАПАРОВ Э. – мад-тка эмг. син. ишмер; АКМАТАЛИЕВ К. – мад-тка эмг. син. ишмер; АКТАН Арым Кубат – КРдин эл артисти; ИБРАГИМОВ Т. – мад-тка эмг. син. ишмер; ИШЕНОВ С. – КРдин эл сүрөтчүсү; КАРАГУЛОВ Б. – КРдин эл артисти; МУСАЕВ М. – КРдин эл артисти; ПАЗЫЛОВ А. – журналист; ШАМШИЕВ Б. – КРдин эл артисти.

МАТЕМАТИКА

БӨРҮБАЕВ А. А. – физ.-мат. илимд. доктору, КР УИАнын академиги, төрага; БАРАТАЛИЕВ К. Б. – физ.-мат. илимд. канд.; ИСКАНДАРОВ С. – физ.-мат. илимд. доктору; КАКИШЕВ К. К. – физ.-мат. илимд. доктору; КЕРИМБЕКОВ А. К. – физ.-мат. илимд. доктору; РАМАНКУЛОВ С. Т. – физ.-мат. илимд. канд.; ТЕМИРОВ Б. К. – физ.-мат. илимд. канд.; ЧЕКЕЕВ А. А. – физ.-мат. илимд. доктору.

МЕДИЦИНА

ЧУБАКОВ Т. Ч. – мед. илимд. доктору, төрага; АДАМАЛИЕВ К. А. – мед. илимд. доктору; АДАМБЕКОВ Д. А. – мед. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү; АЛЫМКУЛОВ Д. А. – мед. илимд. доктору; ЖУМАБАЕВ А. Ж. – мед. илимд. канд.; КУДАЯРОВ Д. К. – мед. илимд. доктору, КР УИАнын акад.; МУРЗАЛИЕВ А. М. – мед. илимд. доктору, КР УИАнын акад.; МҮСҮРАЛИЕВ М. С. – мед. илимд. доктору; ОМОРОВ Р. О. – мед. илимд. доктору; ТОКТОМУШЕВ А. Т. – мед. илимд. доктору.

МУЗЫКА

БЕГАЛИЕВ М. – КРдин эл артисти, төрага; АСАКЕЕВ А. – КРдин мад-тка эмг. син. кызматкери; АБДЫЛДАЕВ Ө. – мад-тка эмг. син. ишмер; АЛАГУШОВ Б. – КРдин эл арт.; АСАНБАЕВ К. – мад-тка эмг. син. ишмер; ДҮЙШАЛИЕВ К. – иск-во таануу илимд. доктору; МАМАТОВА Ж. – музыка таануучу; ОСМОНОВ С. – мад-тка эмг. син. ишмер; САЛАМАТОВ Т. – мад-тка эмг. син. ишмер; СУБАНАЛИЕВ С. – иск-во таануу илимд. канд.; ЧОКИЕВ Т. – композитор.

САЯСАТ ТААНУУ

АРТЫКБАЕВ М. Т. – филос. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү, төрага; АКЕРОВ [illegible] – тарых илимд. канд.; АКУНОВ А. А. – тарых илимд. доктору; БЕКТУРГАНОВ К. Б. – филос. илимд. доктору; ЖОРОБЕКОВ Ж. Ж. – саясат таануу илимд. доктору; НУРОВА С. С. – социол. илимд. доктору; ОРМОНБЕКОВ Б. – саясат таануу илимд. канд.

ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ, ЭТНОГРАФИЯ

ОСМОНОВ Ө. Ж. – тарых илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү, төрага; АБЕТЕКОВ А. К. – мад-ка эмг. син. ишмер; АЛЫМКУЛОВ А. А. – тарых илимд. КАНД.; АСАНОВ Т. – тарых илимд. канд.; ЖАПАРОВ А. – тарых илимд. канд.; ЖОЛДОШЕВ Р. – тарых илимд. канд.; ЖОРОБЕКОВ Т. – тарых илимд. канд.; ЖУНУШАЛИЕВ Ж. – тарых илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү; КАРАТАЕВ О. – тарых илимд. доктору; КЕНЕНСАРИЕВ Т. – тарых илимд. доктору; КЕРИМОВА Ш. – редакция башчысы; КОЧКҮНОВ А. С. – тарых илимд. канд.; ӨМҮРБЕКОВ Т. Н. – тарых илимд. доктору; САПАРАЛИЕВ Д. – тарых илимд. канд.; ТАВАЛДИЕВ К. Ш. – тарых илимд. канд.

ТЕАТР

ЖАКИЕВ Б. – КРдин эл жазуучусу, төрага; БАЙЖИЕВ М. – КРдин эл жазуучусу; ЗАРЛЫКОВА К. – драматург; КОНДУЧАЛОВА Р. – театр таануучу; КУЛМАНБЕТОВ Ж. – мад-тка эмг. син. ишмер; ӨЗҮБЕКОВА Ж. – драматург; САТАРОВ Т. – КРдин эл артисти; СЫРЫМБЕТОВ А. – мад-тка эмг. син. ишмер; ТОЙБАЕВ М. – КРдин эл жазуучусу.

ТЕХНИКА

АЛЫМКУЛОВ К. А. – тех. илимд. доктору, төрага; АБАКИРОВ С. – тех. илимд. канд.; АБДЫРАХМАНОВ С. – тех. илимд. доктору; АПЫШЕВ Ж. А. – тех. илимд. канд.; БАКТЫГУЛОВ К. – тех. илимд. канд.; БАТЫРКАНОВ Ж. И. – тех. илимд. доктору; ИМАНКУЛОВА А. С. – тех. илимд. канд.; УСУБАЛИЕВ Ж. У. – тех. илимд. канд.

ТИЛ ИЛИМИ

МУСАЕВ С. – филол. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү, төрага; АБДРАЗАКОВА Г. – ил. кызматкер; АБДУВАЛИЕВ Н. – филол. илимд. доктору; ДЕРБИШЕВА З. – филол. илимд. доктору; ЖАЙЛООБАЕВ Б. – филол. илимд. канд.; КОДОРОВ Б. – доцент; МОЛДАЛИЕВА М. – жетектөөчү редактор; КОНКОБАЕВ К. – филол. илимд. канд.; КОҢУРБАЕВА Р. – ил. кызматкер; ОРУЗБАЕВА Б. – филол. илим. доктору, КР УИАнын академиги; САДЫКОВ Т. – филол. илимд. доктору; САМАТОВ К. – филол. илимд. доктору.

ТОО КЕН ИШТЕРИ ЖАНА ГЕОДЕЗИЯ

АЙТМАТОВ И. Т. – тех. илимд. доктору, төрага; БАРСАНАЕВ С. – тех. илимд. канд.; [illegible]НОВ Б. – тех. илимд. канд.; ИМАРАЛИЕВ А. – тех. илимд. канд.; КОЖОГУЛОВ К. [illegible] – тех. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү; МАМБЕТОВ Ш. – тех. илимд. доктору; ТАЖИБАЕВ К. – тех. илимд. канд.; ЧУНУЕВ И. З. – тех. илимд. канд.; ЯЛЫМОВ Н. Г. – тех. илимд. канд.

УКУК

АРАБАЕВ Ч. И. – юрид. илимд. доктору, төрага; АЛЫМКУЛОВ С. С. – юрид. илимд. канд.; БЕЙШЕМБИЕВ Э. Ж. – юрид. илимд. доктору; КЕРЕЗБЕКОВ К. К. – юрид. илимд. доктору; КЕРИМБАЕВ М. К. – юрид. илимд. канд.; КУРМАНОВ К. Ш. – юрид. илимд. доктору; САТЫБЕКОВ С. С. – юрид. илимд. канд.; ШАРШЕНАЛИЕВ А. Ш. – юрид. илимд. доктору.

ФИЗИКА ЖАНА АСТРОНОМИЯ

ЖАЙНАКОВ А. – физ.-мат. илимд. доктору, КР УИАнын академиги, төрага; АРАПОВ Б. – физ.-мат. илимд. доктору; ИСАЕВА Р. – доцент; ИСМАНБАЕВ А. – физ.-мат. илимд. доктору; КАРАШЕВ Т. – физ.-мат. илимд. канд.; МАМБЕТАКУНОВ Э. – физ.-мат. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү; МАРИПОВ А. – физ.-мат. илимд. доктору; ОРОЗОВАКОВ Т. – тех. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү; ОСМОНАЛИЕВ К. – физ.-мат. илимд. доктору; СУЛТАНАЛИЕВА Р. – физ.-мат. илимд. канд.; ТОКТОГУЛОВ М. – физ.-мат. илимд. канд.; ШАРШЕКЕЕВ Ө. – физ.-мат. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү.

ФИЛОСОФИЯ

АСКАРОВ Т. А. – филос. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү, төрага; АКМОЛДОЕВА Ш. Б. – филос. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү; АСАНОВ Ж. К. – филос. илимд. канд.; БЕКБОЕВ А. А. – филос. илимд. доктору; БӨКӨШОВ Ж. – филос. илимд. доктору;

ЖУМАГУЛОВ М. Ж. – филос. илимд. доктору; МУКАСОВ Ы. С. – филос. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү; НАРЫНБАЕВ А. И. – филос. илимд. доктору, КР УИАнын ардактуу академиги; ОМУРОВА Т. – филос. илимд. канд.; САМЫЙКАНОВ А. – филос. илимд. канд.; ТОГУСАКОВ О. А. – филос. илимд. доктору.

ХИМИЯ

АДЫЛОВ С. А. – хим. илимд. канд. төрага; БАЙДИНОВ Б. Б. – хим. илимд. канд.; БООБЕКОВА С. – хим. илимд. канд.; КУДАЙБЕРГЕНОВ Т. Т. – хим. илимд. канд.; МЕДЕТБЕКОВА Ж. Б. – хим. илимд. канд.; МОЛДОБАЕВ С. М. – химия илимд. канд.

ЭКОЛОГИЯ

ОСМОНОВ А. – геогр. илимд. канд., төрага; АБЫЛКАСЫМОВА Т. – биол. илимд. канд.; АТАКАНОВ У. – геогр. илимд. канд.; АТТОКУРОВА К. К. – пед. илимд. канд.; БЕКБОЛОТОВА А. К. – биол. илимд. доктору; БӨКӨНБАЕВ К. Ж. – геология-минерология илимд. доктору; КУРМАНБЕКОВА Г. Т. – биол. илимд. доктору; МОЛДОШЕВ К. – геогр. илимд. канд.; МУРСАЛИЕВ А. – биол. илимд. доктору; САТЫБАЛДИЕВ А. – химия илимд. доктору; ЧОДУРАЕВ Т. М. – геогр. илимд. доктору; ЧОРОВ М. Ж. – пед. илимд. доктору; ЭРГЕШОВ А. – геогр. илимд. доктору.

ЭКОНОМИКА

МУСАКОЖОЕВ Ш. – экон. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү, төрага; АТЫШОВ К. – экон. илимд. доктору; БАЗАРКАНОВ К. – экон. илимд. доктору; БАЛБАКОВ М. – экон. илимд. доктору, КР УИАнын корр. мүчөсү; БАТЫРКАНОВ Ж. – экон. илимд. доктору; КУДАБАЕВ З. – экон. илимд. доктору.

АВТОРЛОР

ТИЛ, АДАБИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО РЕДАКЦИЯСЫ

АБДУВАЛИЕВ Ибраим, АБДЫЖАПАРОВ Эрнест, АБДЫКЕРИМОВА Аида, АБДЫЛДАЕВ Өзүбек, АКИЕВА Гүлдана, АКМАТАЛИЕВ Абдылдажан, АКЫНБАЕВ Кубанычбек, АЛАГУШОВ Балбай, АЛИМБЕКОВ Алымбек, АНДАШЕВ Дилдебек, АСАНАЛИЕВ Кенешбек, АСАНБАЕВ Кенжегазы, АСАНБЕКОВ Сарман, АСИПОВА Нуриля, АСКАР уулу Таалайбек, АТЫШОВ Көбөгөн, АХМАТОВ Токтосун, БАЙГАЗИЕВ Советбек, БАЙЖИЕВ Мар, БАКЧИЕВ Талантаалы, БЕЙШЕНАЛИЕВА Райхан, БЕКБОЕВ Исак, БОРКЕЕВ Бөкөнбай, БУДАЙЧИЕВ Байышбек, ДАВЛЕТОВА Хакима, ДАУТОВ Кадыркул, ДҮЙШАЛИЕВ Камчыбек, ДҮЙШӨНАЛИЕВА Турдубүбү, ЕГЕМБЕРДИЕВ Жумакадыр, ЕГИМБАЕВА Сауле, ЖАЙЛООБАЕВ Бакыт, ЖАКИЕВ Бексултан, ЖЕКШЕНОВА Алтын, ЖООДАНБЕКОВ Асылбек, ЖУМАБАЕВ Искендер, ЖУМАБАЕВ Халил, ЖУМАБАЕВА Гүлайым, ЖУМАГУЛОВ Четин, ЖУНУШАЛИЕВА Калыйбүбү, ЖЫЛДЫЗОВА Нургүл, ЗАРЛЫКОВА Керез, ИБРАГИМОВ Сүйүнтбек, ИБРАЕВА Нуржамал, ИПТАРОВ Сабыр, ИСАБЕКОВА Ажар, ИШЕМКУЛОВ Тилектеш, ИШЕНОВ Сайнидин, КАДЫРМАМБЕТОВА Айнура, КАДЫРОВ Ысмайыл, КАЛДЫБАЕВ Кадырбек, КАРАГУЛОВ Бакыт, КАРЫБЕКОВА Майрамкүл, КАРЫМШАКОВА Айша, КАСЫМАЛИЕВ Амангелди, КАСЫМОВ Курдашбек, КЕБЕКОВА Батма, КОДОРОВ Базарбай, КОНКОБАЕВ Кадыраалы, КОҢУРБАЕВА Роза, КУЛМАНБЕТОВ Жаныш, КУРМАНОВ Таалай, КЫДЫРБАЕВА Раиса, КЫЛЫЧЕВ Эсентур, МАМБЕТАКУНОВ Эсенбек, МАРАЗЫКОВ Турусбек, МЕДЕРАЛИЕВА Жылдыз, МОЛДАЛИЕВА Мария, МУКАСОВ Мурат, МУРАТОВ Абдыкерим, МУСАЕВ Сыртбай, МУСАЕВА Венера, МУСАЕВА Толкун, МУСАКОЖОЕВ Шайлообек, ОБОЗКАНОВ Абдысалам, ОМОРОВА Мелисгүл, ОРОЗОВА Гүлбара, ОРУЗБАЕВА Бүбүйна, ОРУСКУЛОВ Тимур, ОСМОНАЛИЕВА Айнагүл, ӨМҮРАЛИЕВ Дүйшөн, ӨМҮРАЛИЕВА Сүйүмкан, ӨМҮРКУЛОВ Кадыркул, ПАЗЫЛОВ Абибилла, РЫСБАЕВ Сулайман, САДЫКОВ Абдыкадыр, САДЫКОВ Ташболот, САДЫКОВ Тургунбай, САЛАМАТОВ Тимур, САМАТОВ Кубат, САРБАНОВ Кытайбек, САРЛЫКБЕКОВ Алмаз, САТАРОВ Токтобек, СЕЙДЕКУЛОВА Күлсүн, СООРОНОВ Омор, СУБАНАЛИЕВ Сагыналы, СУБАНОВА Мейликан, СЫДЫКОВ Жениш, СЫДЫКОВ Сагалы, СЫРЫМБЕТОВ Аваз, ТИЛЕНБАЕВ Чолпонбек, ТОЙЧУЕВ Нурахмед, ТОКТОМАМЕТОВ Алмаз, ТОКТОСУНОВА Гүлчахра, ТОЛУБАЕВ Мамыр, ТӨЛӨГӨНОВА Сайракан, ТУРДУБЕКОВА Элеонора, ТУРСУНОВ Аскар, ҮСӨНАЛИЕВ Садык, ҮСӨНАЛИЕВ Тойчу, ЭГЕМБЕРДИЕВ Раимжан.

ТАРЫХ, АСКЕР ИШИ ЖАНА ЭТНОГРАФИЯ РЕДАКЦИЯСЫ

АБДИЕВ Жээнбек, АБЕТЕКОВ Асан, АКМАТАЛИЕВ Амантур, АЛЫМБАЕВ Жээнбек, АЛЫМКУЛОВ Карыбек, АСАНКАНОВ Абылабек, АСАНОВ Темир, АСЫПБАЕВА Майрам, АТТОКУРОВ Сабыр, БЕГАЛИЕВ Субакун, ЖАПАРОВ Амантур, ЖОЛДОШОВ Рыскул, ЖОРОБЕКОВ Турат, ЖУМАБАЕВ Бектемир, ЖУМАГУЛОВ Четин, ЖУМАНАЛИЕВ Акылбек, ЖУМАНАЛИЕВ Тынчболот, ЖУНУШАЛИЕВ Жениш, КАДЫРОВ Ысмайыл, КАДЫРОВ Эрлан, КАРАЕВ Өмүркул, КАРАТАЕВ Олжобай, КЕНЕНСАРИЕВ Ташманбет, КЕРИМОВА Шайгүл, КОЖОБЕКОВ Муратбек, КӨЧКҮНОВ Айдар, КУБАТОВА Аида, МАТАНОВА Айтолкун, МОЛДОБАЕВ Имел, МОЛДОКАСЫМОВ Кыяс, МОСКАЛЕВ Михаил, ОРОЗОВ Асылбек, ОСМОНОВ Өскөн, ӨМҮРБЕКОВ Токторбек, ПЛОСКИХ Владимир, САГЫНБЕКОВА Акжолтой, САПАРАЛИЕВ Дөөлөтбек, САТАРОВ Бекназар, СУЛТАНАЛИЕВА Назира, ТАБАЛДИЕВ Кубат, ТОКТОСУНОВ Тилек, ТУРГАНБАЕВ Элебай, УРСТАМБЕКОВ Бейше, ЧОЛОЛДОЕВА Гүлзат, ЧОРОТЕГИН Тынчтыкбек, ЭРАЛИЕВ Закир, ЭРАЛИЕВ Салайдин.

ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА САЯСАТ ТААНУУ РЕДАКЦИЯСЫ

ААЛИЕВА Нурзат, АБДЫЛДАЕВ Мелис, АБДЫЛДАБЕКОВ Тайлак, АКУНОВ Алыбек, АРАБАЕВ Чолпонкул, БАЙБОСУНОВ Карыбек, БЕЙШЕНБИЕВ ЭСЕНГУЛ, БЕКБОЕВ Аскарбек, БОДОБАЕВ Канимет, БӨКӨШОВ Жамгырбек, КЕРИМБАЕВ Манапбай, КУРМАНОВ Карыпбек, ӨМҮРОВА Толкун, СОЛТОНБЕКОВ Бирлик, ШАРШЕНАЛИЕВ Асанбек, ЭДИЛОВА Мариям, ЭСЕНГЕЛДИЕВ Темир, ЭСЕНКАНОВ Качыке.

ГЕОГРАФИЯ, ГЕОЛОГИЯ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ЭКОНОМИКА РЕДАКЦИЯСЫ

АБДИЛОВА Жылдыз, АБДРАХМАТОВ Канат, АЙТМАТОВ Илгиз, АКМАТОВ Руслан, АЛАМАНОВ Саламат, АЛЫМКУЛОВА Нурийла, АМАНОВ Кадыр, АМИРАЕВА Бегайым, АНДАШЕВ Улан, АСАНОВА Карачач, АСЫКУЛОВ Толкун, АТАКАНОВ Уатбек, АТТОКУРОВА Кызылгүл, АХМЕДОВ Станислав, БАЗАРКУЛОВ Сагындык, БАКАСОВА Гүлкайыр, БАКИРОВ Апас, БАКИРОВ Калыс, БАКИРОВ Насипбек, БАРАТАЛИЕВ Өмүрбек, БАРСАНАЕВ Сагыналы, БАЯЛИЕВ Болот, БЕЙШЕЕВ Закон, ДЕГИМБАЕВ Ринат, ДӨӨЛӨТКАЗИЕВ Талант, ДҮЙШӨНАКУНОВ Мураталы, ДҮЙШӨНАЛИЕВ Чынарбек, ЕГЕМБЕРДИЕВ Ильяс, ЖАРАТОВ Алдашбай, ЖУМАШЕВ Касымалы, ЖЭЭНАЛЫ уулу Алмаз, ИМАНАЛИЕВ Чаланбай, ИШЕНОВ Бейшенбек, КАДЫРКУЛОВ Мажит, КАРАЕВА Динара, КАРАМОЛДОЕВ Жумакадыр, КАРАЧАЛОВА Роза, КАСЫМОВ Курдашбек, КАЧАГАНОВ Шарипбек, КЕНДИРБАЕВА Алмагүл, КОЖОБАЕВ Канатбек, КОЖОГУЛОВ Камчыбек, КОЙЧУЕВ Муктар, КУБАТОВА Аида, КУЛМАТОВ Темир, КУЛНАЗАРОВА Кымбат, МАЙРЫКОВ Нургазы, МАМБЕТОВ Шергазы, МАМБЕТОВА Мира, МАТИКЕЕВ Курманалы, МАТЫЧЕНКОВ Владимир, МОЛДОМУСАЕВА Асем, МОЛДОШЕВ Кайрат, МУДАЕВА Бактыгүл, МУКАМБЕТОВ Улан, МУРАТАЛИЕВ Муканбеталы, МУСАКОЖОЕВ Шайлообек, МЫРЗАЕВ Абдырашит, НАРЫНБЕК уулу Курманбек, НИШАНОВ Аскарали, НИЯЗАЛИЕВ Абдурашит, НИЯЗОВ Тургунбек, ОБОЛБЕКОВ Акмат, ОМОРОВ Ибраим, ОМОРОВА Мелисгүл, ОРУЗБАЕВ А., ОСМОНАЛИЕВА Чынара, ОСМОНБЕКОВА Раушан, ОСМОНБЕТОВ Кубат, ОСМОНБЕТОВ Эмил, ОСМОНОВ Абдырай, ОТОРБАЕВ Кайып, ӨМҮРЗАКОВ Садыбакас, ӨМҮРКАНОВА Токтобүбү, ПОДРЕЗОВ Олег, ПРИХОДЬКО Лиля, САГЫНДЫКОВ Касым, САКЕБАЕВА Күлүшкан, САКИЕВ Кадырбек, САТЫКЕЕВ Жаманкул, СУЛТАНАЛИЕВ Эрмек, ТЕНИРБЕРДИЕВ Нурбек, ТОКОМБАЕВ Шайык, ТОКТОРОВА Рысгүл, ТОПБАЕВ Октябрь, ТӨРӨБЕКОВА Тамара, ТӨРӨЕВ Абылкасым, ТУРДУКУЛОВ Аскер, УМБЕТОВА Эльвира, ҮСӨНКАНОВ Бактыбек, ҮСӨНОВ Эрнис, ФАЙЗУЛЛАЕВ Нурбек, ЧОДУРАЕВ Темирбек, ЧОРОВ Мамат, ЧУҢГУЛОВ Жолдош, ШАКИРБЕКОВ Дүйшөнбек, ЭРГЕШОВ Абжапар, ЭШЕНКУЛОВ Темиркул.

ТАБИЯТ ЖАНА ТАК ИЛИМДЕР РЕДАКЦИЯСЫ

АБДИЕВ Алмамбет, АБДРАЗАКОВ Болот, АДАМБЕКОВ Догдурбек, АДАМАЛИЕВ Кубанычбек, АДЫЛОВ Султан, АЖИБЕКОВ Асанбек, АЗИЗБАЕВ Сайнидин, АКМАТОВА Дилде, АКНАЗАРОВ Бекболсун, АЛЫБАЕВ Анарбек, АЛЫМКУЛОВ Добулбек, АЛЫМКУЛОВ Карыпбек, АПЫШЕВ Жоомарт, АРТЫКБАЕВА Зина, АСАНОВ Үсөн, АСАНОВА Жыпаркүл, БАБАЕВ Абдуманап, БАЙБОСУНОВ Мөкүш, БАЙДИНОВ Туратбек, БАКТЫГУЛОВ Каданбай, БАТЫРКАНОВ Жеңишбек, БЕГАЛИЕВА Батый, БИЙБОСУНОВ Ильяс, БООБЕКОВА Сайнаке, БӨРҮБАЕВ Алтай, БРИМКУЛОВ Улан, ДӨӨЛӨТКЕЛДИЕВА Тинатин, ДҮЙШЕМБИЕВ Нурдин, ӨМҮРАЛИЕВ Асан, ЖЕНБАЕВ Бекмамат, ЖУМАБАЕВ Абдрахман, ЖУМАБАЕВ Муктарбек, ЖУМАГУЛОВ Олжобай, ЖЭЭНАЛИЕВ Мейманжан, ИРГАШЕВ Алмаз, ИСАЕВА Рапия, ИСКАКОВ Тенти, ИСМАНБАЕВ Асанбай, КАДЫРОВ Ысмайыл, КАНЕТОВ Бекболот, КАПАРОВА Эльмира, КАРАБАЕВ Нурдин, КАРАБЕКОВА Жамийла, КАРАШОВ Ташмат, КЕНДИРБАЕВА Алмагүл, КЕНЖАЕВ Мухамеджан, КУДАЙБЕРГЕНОВ Төрөбай, КУДАЯРОВ Дүйшө, МААТКЕРИМОВА Жибек, МАЙМЕКОВ Зарлык, МАМБЕТАКУНОВ Эсенбек, МАМБЕТАЛИЕВ Канат, МАРИПОВ Арапбай, МЕДЕТБЕКОВА Жумакан, МОЛДОБАЕВ Сопет, МОЛДОКАНОВА Майрам, МУРЗАЛИЕВ Арстанбек, МУРЗУБРАИМОВ Бектемир, МУРСАЛИЕВ Асыркул, МҮСҮРАЛИЕВ Макенжан, НАЗАРКУЛОВА Бурулжан, НАЗАРОВ Садык, НУСУПОВ Эркин, ОМОРОВ Рахатбек, ОРОЗАЛИЕВ Төлөмүш, ОРОЗБАКОВ Токтосун, ОРУСКУЛОВ Тимур, ОСМОНОВ Керимбек, ӨМҮРАЛИЕВ Асан, РАЗЗАКОВ Иматбек, РАИМБЕКОВ Догдурбек, САДАБАЕВ Нурдан, САНИОВ Борошил, САМЫКБАЕВ Аманбай, САРАЛАЕВ Марат, САРТОВА Күлүмкан, СОДОМБЕКОВ Ишенбай, СУЛАЙМАНОВ Жумабек, СУЛТАНОВА Бейшекан, СЫДЫКОВ Абылгазы, ТЕМИРОВ Бекжан, ТОКСОНБАЕВ Сапар, ТОКТОГУЛОВ Мүсүр, ТОКТОКОЖОЕВ Шарипбек, ТОКТОСУНОВ Асан, ТУРГУНБАЕВ Кубанычбек, ТЫНАЛИЕВА Турар, УСУБАЛИЕВ Женишбек, ЧЕКЕЕВ Асылбек, ЧОРТОНБАЕВ Тыргоот, ЧУБАКОВ Төлөгөн, ШАБИКЕЕВ Бектурган, ШАЛПЫКОВ Кайыркул, ШАРШЕНАЛИЕВА Гүлнара, ЭРГЕШОВА Кызайым, ЭШИМКУЛОВА Гүлмира.

БАЙКАЛГАН КАТАЛАР

Бети	Тилкеси	Сабы	Басылганы	Туурасы
163		колонтитул	Карл Марк атындагы коммуна	Карл Маркс атындагы коммуна
412	2-тилке	төмөндөн 2-сап	Кондучалова К. Кыргыз Эл Баатыры	КРдин Баатыры
496	1-тилке	сүрөт	Кочкор району макаласындагы Көк-Сай, № 2 жазуу сүрөтү	Кочкор рун жазуулары макаласына кириш керек
555	1-тилке	сүрөт тексти	«Кыргызстан коммерциялык банкынын»	«Кыргызстан» коммерциялык банкынын
568	1-тилке	сүрөт тексти	Ч. Т. Айтматов Т. ж-а У. Усубалиев	Ч. Т. Айтматов ж-а Т. У. Усубалиев
568	1-тилке	сүрөт тексти	громлехи	кромлехи
571	2-тилке	үстүнөн 3-сап	Крым Республикасы	Крым Автономия Республикасы
582	2-тилке	сүрөт тексти	кафедралык	кафедралуу
613	1-тилке	сүрөт тексти	Таклан-Макан	Такла-Макан

ИБ № 281

Терүү, калыпка салуу, карталарды жана сүрөттөрдү даярдоо жумуштары «Кыргыз энциклопедиясы» башкы редакциясында аткарылды. Басууга 20.02.2012-ж. кол коюлду. Форматы 72×104 1/16. Мелован. кагазына, офсеттик ыкма менен басылды. Колому 52,0 накта басма табак. 96,2 эсеп басма табак. Нускасы 5000. Заказ № 170.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия «Кыргыз энциклопедиясы» башкы редакциясы, 720017, Бишкек ш., Боконбаев көчөсү, 182

«Аль-Салам» басма үйүндө басылды, 720044, Бишкек ш., Симферополь көчөсү, 85